**Мусанын биринчи китеби. Башталыш**

**1-БӨЛҮМ**

**Дүйнөнүн жаралышы**

1 Эң башында Кудай асман менен жерди жаратты.

2 Жер болсо көрксүз, ээн болчу, түпсүз туңгуюкту караңгылык каптап турчу. Кудайдын Руху суу үстүндө калкып учуп жүрчү.

3 Ошондо Кудай: «Жарык болсун!» – деди. Жарык пайда болду.

4 Кудай жарыктын жакшы экенин көрүп, жарыкты караңгыдан ажыратты.

5 Кудай жарыкты «күн», караңгыны «түн» деп атады. Кеч кирип, таң атты: биринчи күн өттү.

6 Анан Кудай: «Суулардын ортосунда аба мейкиндиги болсун, ал сууну суудан бөлүп турсун», – деди.

7 Ошентип, Кудай аба мейкиндигин жаратып, аба мейкиндигинин астындагы сууну аба мейкиндигинин үстүндөгү суудан бөлүп койду. Так ошондой болду.

8 Кудай аба мейкиндигин «асман» деп атады. Кеч кирип, таң атты: экинчи күн өттү.

9 Анан Кудай: «Асман астындагы суулар бир жерге чогулсун, кургактык пайда болсун», – деди. Так ошондой болду.

10 Кудай кургактыкты «жер» деп атады, ал эми чогулган сууларды «деңиз» деп атады. Кудай мунун жакшы экенин көрдү.

11 Анан Кудай: «Жер өсүмдүктөрдү, урук чачкан түрдүү чөптөрдү, уругу жер үстүндө өз түрү боюнча жемиш берген мөмөлүү дарактарды өстүрүп чыгарсын», – деди. Так ошондой болду.

12 Ошондо жер өсүмдүктөрдү, урук чачкан түрдүү чөптөрдү, өз түрү боюнча жемиш берген мөмөлүү дарактарды өстүрүп чыгарды. Кудай мунун жакшы экенин көрдү.

13 Кеч кирип, таң атты: үчүнчү күн өттү.

14 Анан Кудай: «Күндү түндөн ажыратуу үчүн, мезгилдерди, күндөрдү, жылдарды белгилөө үчүн, асман мейкиндигинде чырактар болсун.

15 Алар жерге жарык берип турушу үчүн, асман мейкиндигинде чырак болушсун», – деди. Так ошондой болду.

16 Ошентип, Кудай эки чоң чыракты: күндү башкаруу үчүн чоңураак чыракты, түндү башкаруу үчүн кичирээк чыракты жана жылдыздарды жаратты.

17 Кудай аларды жерге жарык бериши үчүн,

18 күн менен түндү башкарышы үчүн, жарыкты караңгыдан ажыратышы үчүн, асман мейкиндигине жайгаштырды. Кудай мунун жакшы экенин көрдү.

19 Кеч кирип, таң атты: төртүнчү күн өттү.

20 Анан Кудай: «Суу тирүү жандыктарга толсун. Жер үстүндө, асман мейкиндигинде канаттуулар учсун», – деди.

21 Ошентип, Кудай суудагы көп сандаган чоң балыктарды жана сойлоп жүрүүчү ар түрдүү жандыктарды, ар кандай канаттууларды түр-түрү менен жаратты. Кудай мунун жакшы экенин көрдү.

22 Анан Кудай аларга мындай деп батасын берди: «Тукумдап көбөйгүлө, деңиз сууларын толтургула, канаттуулар да жерде көбөйүшсүн».

23 Кеч кирип, таң атты: бешинчи күн өттү.

24 Анан Кудай: «Жер тирүү жандыктарды: малдарды, сойлоп жүрүүчү жаныбарларды, жер жаныбарларын түр-түрү менен чыгарсын», – деди. Так ошондой болду.

25 Ошентип, Кудай жер жаныбарларын түр-түрү менен, малдарды түр-түрү менен, сойлоп жүрүүчү жаныбарларды түр-түрү менен жаратты. Кудай мунун жакшы экенин көрдү.

26 Анан Кудай мындай деди: «Биздин бейнебиз боюнча Өзүбүзгө окшоштуруп адам жараталы. Алар деңиздеги балыктарга, асмандагы канаттууларга, малдарга, жер үстүндө сойлоп жүрүүчү жаныбарларга, бүт жер үстүнө бийлик кылышсын».

27 Ошентип, Кудай Өз бейнеси боюнча адам жаратты, аны Кудайдын бейнеси боюнча жаратты. Аларды эркек-аял кылып жаратты.

28 Анан Кудай аларга мындай деп батасын берди: «Укумдап-тукумдагыла, жер жүзүн толтургула, жерди ээлегиле жана деңиздеги балыктарга, асмандагы канаттууларга, жер үстүндө сойлоп жүрүүчү бардык жаныбарларга бийлик кылгыла».

29 Анан Кудай дагы мындай деди: «Мен силерге бүт жер үстүндөгү урук чачкан ар кандай өсүмдүктөрдү, мөмөсүндө уругу бар ар кандай мөмөлүү дарактарды бердим, булар силерге азык болсун.

30 Ал эми бардык жер жаныбарларына, бардык асман канаттууларына, жер үстүндө сойлоп жүрүүчү ар кандай тирүү жаныбарларга бардык өсүмдүктөрдү азык кылып бердим». Так ошондой болду.

31 Кудай Өзү эмнени жаратса, ошонун бардыгы абдан жакшы экенин көрдү. Кеч кирип, таң атты: алтынчы күн өттү.

**2-БӨЛҮМ**

1 Асман менен жер жана алардын бардык кошуундары ушундайча жаратылып бүткөн.

2 Ошентип, жетинчи күнгө оогондо, Кудай Өзүнүн иштерин бүтүрдү; Өзүнүн бардык иштерин бүтүрүп, жетинчи күнү эс алды.

3 Анан Кудай жетинчи күнгө батасын берип, аны ыйыктады, анткени Кудай Өзү жараткан жана жасаган бардык иштерин бүтүрүп, ошол күнү эс алды.

**Эйден багында**

4 Асман менен жердин жаратылуусу мындай болгон: Кудай-Теңир асман менен жерди жаратып жатканда,

5 жерде эч кандай бадал жок эле, эч кандай чөп өсө элек болчу, анткени Кудай-Теңир жер бетине жамгыр жаадырган эмес, жерди иштете турган адам да жок эле.

6 Бирок жерден буу көтөрүлүп, бүт жер бетин сугарып турган.

7 Анан Кудай-Теңир топурактан адам жаратып, анын жүзүнө өмүр демин үйлөдү, ошондо ал тирүү жан болуп калды.

8 Кудай-Теңир чыгыштагы Эйденге бак отургузуп, ал жерге Өзү жараткан адамды жайгаштырды.

9 Андан кийин Кудай-Теңир топурактан көрүнүшү жакшы, жегенге жарактуу ар кандай мөмөлүү дарактарды өстүрүп чыгарды. Бактын ортосуна өмүр дарагын жана жакшылык менен жамандыкты таанытып билдире турган дарак өстүрүп чыгарды.

10 Эйденден бакты сугара турган дарыя агып чыкты. Ал ошол жерден төрт дарыяга бөлүндү.

11 Биринин аты – Пишон, ал алтын чыккан бүт Хабила жерин айланып агат.

12 Ал жердин алтыны да жакшы. Ал жерде жыпар жыттуу чайыр жана агат ташы бар.

13 Экинчи дарыянын аты – Гихон, ал бүткүл Куш жерин айланып агат.

14 Үчүнчү дарыянын аты – Хидекел, ал Ашурдун алдынан агып өтөт. Төртүнчү дарыя – Эфрат.

15 Эйден багын иштетсин жана сактасын деп, Кудай-Теңир адамды ошол бакка жайгаштырды.

16 Анан Кудай-Теңир адамга мындай деп осуят кылды: «Бактагы ар кандай дарактын жемишинен жесең болот,

17 бирок жакшылык менен жамандыкты таанытып билдире турган дарактын жемишинен жебе, анткени андан даам таткан күнү өлүп каласың».

18 Анан Кудай-Теңир мындай деди: «Адамга жалгыз болуу жакшы эмес, ага ылайык жардамчыны жараталы».

19 Кудай-Теңир топурактан талаа жаныбарларын, асман канаттууларын жаратып, аларды кандай атай тургандыгын көрүү үчүн, адамга алып келди. Ар кандай тирүү жанга ал кандай ат койсо, анын аты ошондой болду.

20 Адам бардык малдарга: асман канаттууларына, талаа жаныбарларына ат койду, бирок ага ылайык жардамчы табылбады.

21 Ошондо Кудай-Теңир адамды катуу уктатып салды. Ал уктап жатканда, анын бир кабыргасын алып, ордун эт менен жаап койду.

22 Ошентип, Кудай-Теңир адамдан алынган кабыргадан аял жаратып, аны адамга алып келди.

23 Ошондо адам мындай деди: «Бул – менин сөөгүмдөн чыккан сөөк, этимден чыккан эт. Ал “аял” деп аталат, анткени эркектен алынды».

24 Ошондуктан адам ата-энесин таштап, аялы менен биригет. Ошентип, экөө бир дене болот.

25 Адам менен аялы экөө тең жылаңач эле, бирок уялышчу эмес.

## 3-БӨЛҮМ

### Адамдын күнөөгө батышы

1 Кудай-Теңир жараткан бардык талаа айбанаттарынын ичинен жылан эң куу эле. Ал аялдан: «Кудай чын эле: "Бейиштеги эч бир дарактын жемишинен жебегиле", – деп айтты беле?» – деп сурады.

2 Аял жыланга мындай деп жооп берди: «Дарактардын жемиштеринен жесек болот.

3 Кудай: "Өлүп калбашыңар үчүн, бейиштин ортосундагы бир гана дарактын жемишинен жебегиле, ага тийбегиле", – деген».

4 Ошондо жылан аялга: «Жок, өлбөйсүңөр,

5 бирок Кудай силердин анын жемишинен жеген күнү көзүңөр ачылып, жакшылык менен жамандыкты билген Кудайдай болуп каларыңарды билет», – деди.

6 Аял дарактын жемишинин жегенге жакшы экенин, көзгө сүйкүм экенин көрдү. Ал билим бергендиктен, аялды өзүнө тартып турду. Аял анын жемишинен алып жеди. Анан күйөөсүнө да берди, ал да жеди.

7 Ошондо экөөнүн тең көздөрү ачылып, өздөрүнүн жылаңач экенин билишти да, анжыр жалбырактарын бириктирип тигип, өздөрүнө алжапкыч жасап алышты.

8 Күн салкын болуп турганда, бактын ичинде жүргөн Кудай-Теңирдин үнүн угуп, Адам менен аялы Кудай-Теңирдин жүзүнөн качып, бактагы дарактардын арасына жашынып калышты.

9 Ошондо Кудай-Теңир Адамды: «Сен кайдасың?» – деп чакырды.

10 Адам: «Бактан Сенин үнүңдү угуп, коркуп кеттим, анткени мен жылаңачмын, ошондуктан жашынып калдым», – деди.

11 Кудай андан: «Жылаңач экениңди сага ким айтты? Мен сага жегенге тыюу салган дарактын жемишинен жедиңби?» – деп сурады.

12 Ошондо Адам: «Сен берген аял мага дарактын жемишинен берди, мен жедим», – деп жооп берди.

13 Анан Кудай-Теңир аялдан: «Бул эмне кылганың?» – деп сурады. «Мени жылан азгырды, ошондуктан жедим», – деп жооп берди аял.

### Кудайдын жазасы

14 Ошондо Кудай-Теңир жыланга мындай деди: «Ушуну кылганың үчүн бардык малдардын, бардык талаа жаныбарларынын ичинен сага каргыш тийсин. Сен эми бооруң менен жылып, өмүрүң өткөнчө топурак жейсиң.

15 Аял экөөңөрдүн ортоңорго, экөөңөрдүн тукумуңардын ортосуна кастык коём. Аялдын тукуму сенин башыңды жанчыйт, сен болсо анын согончогун чагасың».

16 Аялга болсо мындай деди: «Кош бойлуу кезиңде кайгыңды көбөйткөндөн көбөйтөм. Балдарыңды ооруп төрөйсүң. Күйөөңө тартылып турасың, ал сага үстөмдүк кылат».

17 Адамга болсо мындай деди: «Аялыңдын тилин алып, “андан жебе” деп, Мен сага осуят кылган дарактын жемишинен жегениң үчүн, сенин айыңан жер каргышка калды. Сен эми өмүрүң өткөнчө жерден азап менен азыктанасың.

18 Жер сен үчүн тикенек, отоо чөп өстүрүп чыгарат. Талаа өсүмдүктөрү менен азыктанасың.

19 Өзүң алынган жерге кайра барганыңча, маңдай териң менен нан таап жейсиң, анткени сен топураксың, топуракка кайра барасың».

20 Адам аялынын атын Обо койду, анткени ал жер үстүндө жашагандардын баарынын энеси болуп калды.

21 Кудай-Теңир Адамга жана анын аялына терини кийим кылып кийгизди.

**Адам ата менен Обо эненин Эйден багынан куулуп чыгышы**

22 Анан Кудай-Теңир мындай деди: «Мына, Адам Биздей болуп жакшылык менен жамандыкты билип калды. Эми ал колун сунуп, өмүр дарагынын жемишинен да жеп алып, түбөлүккө жашап калбасын».

23 Ошентип, Кудай-Теңир аны өзү жаратылган топуракты иштетсин деп, Эйден багынан кууп чыкты.

24 Адамды кууп чыккандан кийин, чыгыштагы Эйден багынын жанына өмүр дарагына баруучу жолду кайтаруу үчүн, керупту жана айланып турган оттуу кылычты коюп койду.

**4-БӨЛҮМ**

**Кабыл менен Абыл**

1 Адам аялы Обого жакындады. Обонун боюна бүтүп, Кабылды төрөп: «Теңирдин жардамы менен уулдуу болдум», – деди.

2 Андан кийин анын бир тууганы Абылды төрөдү. Абыл койчу болду. Кабыл болсо дыйкан болду.

3 Арадан убакыт өттү, Кабыл жер жемиштеринен Теңирге тартуу алып келди.

4 Абыл да койлорунун төл башыларынан жана алардын майларынан алып келди. Теңир Абылга жана анын тартуусуна назарын салды.

5 Ал эми Кабылга жана анын тартуусуна назарын салган жок. Ошондо Кабылдын аябай ачуусу келип, өңү кумсарып кетти.

6 Теңир Кабылга: «Эмнеге ачууландың? Эмнеге өңүң кумсарып кетти?

7 Эгерде жакшы иш кылсаң, анда башыңды жерге салбайт элең да. Эгерде жакшы иш кылбасаң, анда босогоңдо күнөө жатат. Ал сени өзүнө тартып жатат, бирок сен ага үстөмдүк кыл», – деди.

8 Кабыл бир тууганы Абылга жамандык ойлоду. Талаада жүрүшкөндө, Кабыл өз бир тууганы Абылга кол көтөрүп, аны өлтүрүп салды.

9 Ошондо Теңир Кабылдан: «Бир тууганың Абыл кайда?» – деп сурады. Ал: «Билбейм, мен эмне, бир тууганыма кароолчу белем?» – деп жооп берди.

10 Теңир ага мындай деди: «Сен эмне кылдың? Жерден бир тууганыңдын каны Мага боздоп жатат.

11 Ошондуктан эми сага бир тууганыңдын канын сенин колуңдан кабыл алууга оозун ачкан жердин каргышы тиет.

12 Мындан ары жер иштеткениңде, ал сага өз күчүн бербейт. Жер бетинде куулуп, тентип жүргөн адам болосуң».

13 Ошондо Кабыл Теңирге: «Менин жазам чоң, көтөрө алгыс.

14 Сен азыр мени жер бетинен кууп жатасың. Мен эми Сенин жүзүңдөн жашынып, жер бетинде куулуп, тентип жүргөн адам болом, мага ким жолукса да, ал мени өлтүрөт», – деди.

15 Теңир ага: «Кабылды ким өлтүрсө, андан жети эселеп өч алынат», – деди. Кабылга жолуккан адам аны өлтүрүп койбошу үчүн, Теңир ага белги салып койду.

16 Ошентип, Кабыл Теңирден кетип, Эйдендин чыгыш жагындагы Нот деген жерге жайланышты.

**Кабылдын тукуму**

17 Анан Кабыл аялына жакындады. Аялынын боюна бүтүп, Энохту төрөдү. Кабыл шаар куруп, ага өз уулу Энохтун атын берди.

18 Энохтон Ират төрөлдү. Ираттан Мыхайел төрөлдү. Мыхайелден Матушал төрөлдү. Матушалдан Лемек төрөлдү.

19 Лемек эки аял алды. Биринин аты Ада, экинчисиники Зила эле.

20 Ада Жабалды төрөдү, ал чатырда жашап, мал баккандардын атасы болду.

21 Анын бир тууганынын аты – Жубал, ал кыякчылар менен чоорчулардын атасы болду.

22 Зила Тубал-Кабылды төрөдү, ал жез менен темирден курал жасаган уста болду. Тубал-Кабылдын Наама деген карындашы бар эле.

23 Лемек аялдарына мындай деди: «Ада менен Зила! Мага кулак салгыла, Лемектин аялдары! Менин сөзүмө көңүл бургула! Мага жамандык кылган эркекти, мага кайгы алып келген баланы өлтүрүп салдым.

24 Эгерде Кабыл үчүн жети эсе өч алынса, анда Лемек үчүн жетимиш жолу жети эсе өч алынат».

**Шеттин төрөлүшү**

25 Адам аялына дагы жакындады. Ал уул төрөп: «Кудай мага Кабыл өлтүргөн Абылдын ордуна башка уул берди», – деп, анын атын Шет койду.

26 Шеттен да уул төрөлдү. Ал анын атын Энош койду. Ошондон баштап адамдар Теңирдин атын чакыра башташты.

## 5-БӨЛҮМ

**Адамдын тукуму**

1 Адамдын санжырасы мындай: Кудай адамды жаратканда, аны Кудайга окшоштуруп жаратты.

2 Аларды эркек-аял кылып жаратып, аларга батасын берди. Жараткан күнү аларды «адам» деп атады.

3 Адам жүз отуз жашка чыкканда, анын бейнеси боюнча ага окшош уул төрөлдү. Ал ага Шет деген ат койду.

4 Шет төрөлгөндөн кийин, Адам сегиз жүз жыл жашады. Андан дагы уул-кыздар төрөлдү.

5 Адам бардыгы болуп тогуз жүз отуз жыл жашап көз жумду.

6 Шет жүз беш жашка чыкканда, андан Энош төрөлдү.

7 Энош төрөлгөндөн кийин, Шет сегиз жүз жети жыл жашады. Андан дагы уул-кыздар төрөлдү.

8 Шет бардыгы болуп тогуз жүз он эки жыл жашап көз жумду.

9 Энош токсон жашка чыкканда, андан Кейнан төрөлдү.

10 Кейнан төрөлгөндөн кийин, Энош сегиз жүз он беш жыл жашады. Андан дагы уул-кыздар төрөлдү.

11 Энош бардыгы болуп тогуз жүз беш жыл жашап көз жумду.

12 Кейнан жетимиш жашка чыкканда, андан Маалалел төрөлдү.

13 Маалалел төрөлгөндөн кийин, Кейнан сегиз жүз кырк жыл жашады. Андан дагы уул-кыздар төрөлдү.

14 Кейнан бардыгы болуп тогуз жүз он жыл жашап көз жумду.

15 Маалалел алтымыш беш жашка чыкканда, андан Жарет төрөлдү.

16 Жарет төрөлгөндөн кийин, Маалалел сегиз жүз отуз жыл жашады. Андан дагы уул-кыздар төрөлдү.

17 Маалалел бардыгы болуп сегиз жүз токсон беш жыл жашап көз жумду.

18 Жарет жүз алтымыш эки жашка чыкканда, андан Энох төрөлдү.

19 Энох төрөлгөндөн кийин, Жарет сегиз жүз жыл жашады. Андан дагы уул-кыздар төрөлдү.

20 Жарет бардыгы болуп тогуз жүз алтымыш эки жыл жашап көз жумду.

21 Энох алтымыш беш жашка чыкканда, андан Матушал төрөлдү.

22 Матушал төрөлгөндөн кийин, Энох Кудай алдында үч жүз жыл жашады. Андан дагы уул-кыздар төрөлдү.

23 Энох бардыгы болуп үч жүз алтымыш беш жыл жашады.

24 Энох Кудай алдында түз жүрдү. Анан жок болуп кетти, анткени аны Кудай алып кетти.

25 Матушал жүз сексен жети жашка чыкканда, андан Лемек төрөлдү.

26 Лемек төрөлгөндөн кийин, Матушал жети жүз сексен эки жыл жашады. Андан дагы уул-кыздар төрөлдү.

27 Матушал бардыгы болуп тогуз жүз алтымыш тогуз жыл жашап көз жумду.

28 Лемек жүз сексен эки жашка чыкканда, андан уул төрөлдү.

29 Ал ага Нух деген ат коюп: «Теңир каргаган жерди иштетип, эмгектенип жатканыбызда, ал бизге сооронуч болсун», – деди.

30 Нух төрөлгөндөн кийин, Лемек беш жүз токсон беш жыл жашады. Андан дагы уул-кыздар төрөлдү.

31 Лемек бардыгы болуп жети жүз жетимиш жети жыл жашап көз жумду.

32 Нух беш жүз жашка чыкканда, андан Шем, Хам, Жепет төрөлдү.

**6-БӨЛҮМ**

**Адамзаттын бузулушу**

1 Жер бетинде адамдар көбөйө баштаганда, алардан кыздар төрөлдү.

2 Кудайдын уулдары адамдардын кыздары чырайлуу экенин көрүп, ар бири өзүнүн тандаганын аялдыкка ала баштады.

3 Ошондо Теңир: «Менин Рухум адамдын ичинде түбөлүккө болбойт, анткени алар – дене. Алардын жашы жүз жыйырма жыл болсун», – деди.

4 Ошол кезде жер бетинде алп адамдар болгон. Кудайдын уулдары адамдардын кыздарына жакындашканда, алар төрөп, алп адамдар көбөйгөн. Алар байыртадан эле күчтүү, атактуу адамдар болушкан.

5 Теңир жер бетиндеги адамдардын абдан бузулганын, алардын бардык ойлору, жүрөгүндөгү каалоолору ар убакта жамандык экенин көрдү.

6 Ошондо Теңир жер бетине адамды жаратканына өкүнүп, Өз ичинен өтө кайгырды.

7 Анан Теңир мындай деди: «Мен Өзүм жараткан адамдарды жер бетинен жок кылам, адамдан тартып малга чейин: жер үстүндө сойлоп жүрүүчү жаныбарларды, асман канаттууларын жок кылам, анткени Мен аларды жаратканыма өкүнүп жатам».

8 Нух болсо Теңирдин алдында ырайым тапты.

**Нух**

9 Нухтун жашоосу мындай эле: Нух өз замандаштарынын ичинен адил, кемчиликсиз адам болгон. Нух Кудайдын алдында түз жүргөн.

10 Нухтун Шем, Хам, Жепет деген үч уулу болгон.

11 Жер бети Кудайдын алдында бузулуп, жаман иштерге толуп кетти.

12 Кудай жерге көз жиберип, жердин абдан бузулганын, жердеги ар бир жандын терс жолго түшкөнүн көрдү.

13 Ошондо Кудай Нухка мындай деди: «Менин алдымда ар бир жандын күнү бүттү, анткени жер бети алардын жаман иштерине толуп кетти. Эми Мен аларды жер бетинен жок кылам.

14 Сен өзүңө гофер жыгачынан туюк кеме жаса. Кеменин ичин бөлүктөргө бөлүп, ичи-тышын чайыр менен капта.

15 Сен аны мындай жаса: кеменин узундугу үч жүз чыканак, туурасы элүү чыканак, ал эми бийиктиги отуз чыканак болсун.

16 Кеменин жогору жагын оюп, бир чыканак терезе чыгар, капталына эшик жаса. Ичин үч кабат кылып кур.

17 Эми Мен асман астындагы өмүр деми бар тирүү жандын баарын жер бетинен жок кылыш үчүн, топон суу каптатам. Жер бетиндегинин бардыгы өмүрүнөн ажырайт.

18 Бирок Мен сени менен келишим түзөм. Кемеге сени менен кошо уулдарың, аялың жана уулдарыңдын аялдары кирсин.

19 Ошондой эле сени менен бирге тирүү калыш үчүн, кемеге бардык жаныбарлардан эркек-ургаачы кылып, түгөйлөп киргиз.

20 Тирүү калышы үчүн, канаттуулардын түр-түрүнөн, малдардын түр-түрүнөн, жер үстүндө сойлоп жүрүүчү жаныбарлардын түр-түрүнөн түгөйү менен киргиз.

21 Анан жегенге жарактуу ар кандай азыктан жыйып ал. Ал сага да, аларга да азык болот».

22 Нух бардыгын жасады: Кудай кандай буйруса, ал так ошондой жасады.

**7-БӨЛҮМ**

**Топон суу**

1 Ошондо Теңир Нухка мындай деди: «Бүт үй-бүлөң менен кемеге кир, анткени замандаштарыңдын ичинен сени Өзүмдүн алдымда адил деп таптым.

2 Жер үстүндө тукумун сактап калыш үчүн, ар бир адал малдын эркек-ургаачысынан жетини, адал эмес малдын эркек-ургаачысынан экини,

3 асман канаттууларынын эркек-ургаачысынан жетини ал.

4 Анткени жети күндөн кийин Мен жер бетине кырк күн, кырк түн жамгыр төгүп, Өзүм жараткан тирүү жандардын баарын жер бетинен жок кылам».

5 Теңир эмнени буйруса, Нух ошонун бардыгын жасады.

6 Жер бетин топон суу каптаганда, Нух алты жүз жашта эле.

7 Топон суу каптардын алдында Нух уулдары, аялы, келиндери менен кемеге кирди.

8 Адал жана адал эмес малдар, жер үстүндө сойлоп жүрүүчү жаныбарлар,

9 Кудай Нухка буйрук кылгандай, түгөй-түгөйү менен, эркек-ургаачы болуп, Нухтун кемесине киришти.

10 Жети күн өткөндөн кийин жер бетин топон суу каптады.

11 Нухтун өмүр сүргөнүнө алты жүз жыл болгондо, экинчи айдын он жетинчи күнү зор туңгуюктун бардык булактары атырылып ачылды, асман терезелери да ачылды.

12 Жер бетине кырк күн, кырк түн жамгыр төгүп турду.

13 Так ошол күнү Нух уулдары Шем, Хам, Жепет менен, аялы жана келиндери менен кемеге кирди.

14 Алар менен кошо бардык жаныбарлар, түр-түрү менен малдар, жер үстүндө сойлоп жүрүүчү жаныбарлар, түр-түрү менен бардык учуп жүрүүчүлөр, бардык канаттуулар, бардык куштар,

15 өмүр деми бар тирүү жандыктардын баары түгөйү менен Нухтун кемесине киришти.

16 Кудай Нухка буйругандай, бардык жаныбарлар эркек-ургаачы болуп кемеге киришти. Ошондо алардын артынан Теңир эшикти жапты.

17 Жер бетинде топон суу кырк күнгө созулду. Суу көбөйүп, кемени көтөрдү. Кеме жерден жогору көтөрүлдү.

18 Суу болсо күчөп, көбөйгөндөн көбөйө берди. Кеме суунун үстүндө калкып калды.

19 Суу жер бетинде күчөгөндүктөн, асман астындагы бардык бийик тоолор суу астында калды.

20 Суу тоолордон он беш чыканактай жогору көтөрүлүп, аларды басып калды.

21 Жер бетиндеги кыбыр эткен бардык тирүү жандар: канаттуулар, малдар, жаныбарлар, жер үстүндө сойлоп жүрүүчү бардык жаныбарлар жана бардык адамдар өмүрүнөн ажырады.

22 Кургактыкта жашаган, таноосунда өмүр рухунун деми бар тирүү жандардын бардыгы кырылды.

23 Жер үстүндөгү тирүү жандын бардыгы кырылды: адамдан тартып малга чейин, сойлоп жүрүүчү жаныбарлар, асман канаттуулары – бардыгы кырылып, жер бетинен жок болду. Нух менен кемеге киргендер гана тирүү калышты.

24 Жер бетинде суунун деңгээли жүз элүү күн бою улам жогорулап турду.

## 8-БӨЛҮМ

### Суунун тартылышы

1 Кудай Нухту жана кемедеги бардык жаныбарлар менен малдарды эстеп, жер бетине шамал жиберди, ошондо суу тартыла баштады.

2 Түпсүздүктөгү булактар менен асман терезелери жабылып, асмандан куйган жамгыр басылды.

3 Суу болсо акырындап жер бетинен кайта баштады. Жүз элүү күндөн кийин суу тартыла баштады.

4 Кеме жетинчи айдын он жетинчи күнү Арарат тоолорунун үстүнө токтоду.

5 Суу онунчу айга чейин тынымсыз тартылып, онунчу айдын биринчи күнү тоо чокулары көрүндү.

6 Кырк күндөн кийин Нух кемедеги өзү жасаган терезени ачып,

7 бир карганы коё берди. Карга кемеден учуп чыгып, жер кургагыча учуп кетип, кайра учуп келип турду.

8 Суунун жер бетинен тартылганын билиш үчүн, андан кийин көгүчкөндү коё берди.

9 Бирок көгүчкөн бутун коёрго жер таппай, кемеге кайрылып келди, анткени бүт жер бетин дагы эле суу каптап турган эле. Нух колун сунуп, көгүчкөндү кармап, кемеге киргизип алды.

10 Анан дагы жети күн коё туруп, көгүчкөндү кайрадан коё берди.

11 Көгүчкөн ага кечке маал кайрылып келди. Анын тумшугунда зайтун дарагынын жаңы үзүлгөн жалбырагы бар эле. Ошондо Нух жер бетиндеги суунун тартылганын билди.

12 Ал дагы жети күн коё туруп, көгүчкөндү коё берди, бирок ал ага кайрылып келген жок.

13 Нух алты жүз бир жашка чыкканда, биринчи айдын биринчи күнүнө караганда, жер бетиндеги суу тартылды. Нух кеменин үстүн ачып караса, жердин үстү кургап калыптыр.

14 Экинчи айдын жыйырма жетинчи күнүнө караганда, жер кургады.

15 Ошондо Кудай Нухка мындай деди:

16 «Кемеден сени менен кошо аялың, уулдарың жана келиндериң чыксын.

17 Жаныңдагы бардык тирүү жандыктарды: жаныбарларды, канаттууларды, малдарды, жер үстүндө сойлоп жүрүүчү жаныбарларды кошо алып чык. Алар жер бетине тарап, тукумдап көбөйүшсүн».

18 Ошентип, Нух менен бирге уулдары, аялы жана уулдарынын аялдары кемеден чыгышты.

19 Бардык жаныбарлар, жер үстүндө сойлоп жүрүүчү бардык жаныбарлар, бардык канаттуулар, жер бетинде кыбыр эткен бардык тирүү жандыктар түр-түрү менен кемеден чыгышты.

**Нухтун курмандык чалышы**

20 Ошондо Нух Теңирге курмандык чалынуучу жай куруп, ар кандай адал малдан, ар кандай адал канаттуудан алып келип, курмандык чалынуучу жайдын үстүнө бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык чалды.

21 Теңир жагымдуу жытты искеди да, жүрөгүндө мындай деди: «Мындан ары адам үчүн жерди каргабайм, анткени адамдын ойлору жаш чагынан эле жаман. Мындан ары бардык тирүү жандарды топон суу менен кырбайм.

22 Мындан ары жерде жашоо болуп турганда, эгүү-себүү менен оруу-жыюу, суук менен ысык, жай менен кыш, күн менен түн токтобойт».

## 9-БӨЛҮМ

**Кудайдын Нух жана анын тукуму менен түзгөн келишими**

1 Ошондо Кудай Нухка жана анын уулдарына мындай деп батасын берди: «Укумдап-тукумдап көбөйгүлө, жерге толгула.

2 Жер бетиндеги жаныбарлар, асмандагы канаттуулар, деңиздеги балыктар, жер бетинде кыбыр эткендин баары силерден коркуп, титиреп турушсун. Аларды силерге бердим.

3 Кыбыр эткен тирүү жандын бардыгы силерге азык болсун. Өсүмдүктү бергенимдей эле, силерге булардын бардыгын берип жатам.

4 Бирок тирүү жанды мууздабай туруп жебегиле, анткени кан – анын жаны.

5 Мен силердин каныңар үчүн – жаныңар үчүн жазалайм: адамдын канын төккөн мал болсо да, адам болсо да, бир тууганы болсо да, анын жазасын берем.

6 Ким адамдын канын төксө, анын каны да адамдын колу менен төгүлөт, анткени адам Кудайдын бейнеси боюнча жаратылган.

7 Силер болсо укумдап-тукумдагыла, жер бетине тарагыла, көбөйгүлө».

8 Кудай Нухка жана анын уулдарына мындай деди:

9 «Эми Мен силер менен жана силерден кийинки укум-тукумуңар менен,

10 силердин жаныңардагы бардык тирүү жандыктар: канаттуулар, малдар, бардык жер жаныбарлары, силер менен кошо кемеден чыккандар, бардык жаныбарлар менен келишим түзөм.

11 Мындан ары эч бир тирүү жан топон суу менен кырылбайт деп, Мен силер менен келишим түзөм. Мындан ары жер бетиндегинин баарын жок кыла турган топон суу болбойт».

12 Кудай дагы мындай деди: «Менин силер менен, бардык тирүү жандыктар менен укумдан-тукумга, түбөлүккө түзүп жаткан келишимимдин белгиси мындай:

13 Мен булут бетине көк желе тартам, ал Мени менен жердин ортосундагы келишимдин белгиси болот.

14 Мен жер бетине булут каптатканда, булут бетинде көк желе пайда болот.

15 Ошондо силер менен, бардык тирүү жандыктар менен түзгөн Өзүмдүн келишимимди эстейм. Мындан ары бардык тирүү жандыктарды кырган топон суу болбойт.

16 Булут бетинде көк желе пайда болгондо, Мен аны көрүп, жер бетиндеги бардык тирүү жандыктар менен түзгөн Өзүмдүн түбөлүк келишимимди эстейм».

17 Ошентип, Кудай Нухка: «Жер бетиндеги бардык тирүү жандыктар менен түзгөн келишимимдин белгиси мына ушул», – деди.

**Нух жана анын уулдары**

18 Кемеден чыккан Нухтун уулдары булар: Шем, Хам жана Жепет. Хам болсо Канаандын атасы болгон.

19 Бул үчөө – Нухтун уулдары, алардан бүт жер жүзүндөгү адамдар тараган.

20 Нух жер иштетип, жүзүмзар отургузду.

21 Ал шарап жасап, андан ичип мас болуп, өз чатырында жылаңач жатты.

22 Атасынын жылаңач жатканын Канаандын атасы Хам көрүп калып, сыртка чыгып, эки бир тууганына айтты.

23 Шем менен Жепет болсо кийим-кечек алып, ийиндерине салып, арты менен барып, атасынын жылаңач денесин жабышты. Алар тескери карап тургандыктан, атасынын жылаңач этин көрүшкөн жок.

24 Нух ичкен шарабынан соолугуп тургандан кийин, кенже уулунун эмне кылганын билип калып, мындай деди:

25 «Канаанга каргыш тийсин! Ал өз бир туугандарынын алдында эң төмөнкү кул болсун».

26 Анан дагы мындай деди: «Шемдин Кудай-Теңирине алкыш! Канаан анын (Шемдин) кулу болсун.

27 Кудай Жепетти жайылтсын, ал Шемдин чатырларында жашасын. Канаан анын кулу болсун».

28 Нух топон суудан кийин үч жүз элүү жыл жашады.

29 Нух бардыгы болуп тогуз жүз элүү жыл жашап көз жумду.

**10-БӨЛҮМ**

**Нухтун санжырасы**

1 Нухтун уулдары Шем, Хам жана Жепеттен тараган уруунун санжырасы мындай: топон суудан кийин алардан балдар төрөлдү.

2 Жепеттин уулдары: Гомер, Магок, Мадай, Жабан, Тубал, Мешех жана Тирас.

3 Гомердин уулдары: Ашкыназ, Рипат жана Тогарма.

4 Жабандын уулдары: Элиша, Таршыш, Китим жана Доданим.

5 Булардан аралдын элдери тарап, ар бири өз тили, өз урууcу, өз эли менен өз-өз жерлерине отурукташты.

6 Хамдын уулдары: Куш, Мисрайим, Пут жана Канаан.

7 Куштун уулдары: Себа, Хабила, Сапта, Раама жана Саптеха. Рааманын уулдары: Шеба жана Дыдан.

8 Куштан дагы Нимрот төрөлдү, ал жер жүзүндөгү адамдардын эң күчтүүсү болду.

9 Ал Теңирдин алдында мыкты аңчы эле, ошондон улам «Теңирдин алдында Нимроттой мыкты аңчы» деп айтылып калган.

10 Башында анын падышачылыгын Шинар жериндеги Бабыл, Эрех, Акат жана Калней түзгөн.

11 Нимрот ал жерден чыгып, Ашурга келип, Нинебини, Рехобот-Ирди, Келахты,

12 Ниневи менен Келахтын ортосуна чоң шаар – Ресен шаарын курду.

13 Мисрайимден луттуктар, Анамим, Лейабим, Наптухим,

14 патрустуктар, каслухимдер келип чыккан, алардан пелиштиликтер менен капторлуктар келип чыккан.

15 Канаандан төрөлгөндөр: тун уулу Сидон, Хет,

16 жебустуктар, аморлуктар, гиргештиктер,

17 хибиликтер, арктыктар, синиликтер,

18 арбалыктар, семариликтер жана хаматиликтер. Кийинчерээк Канаан уруулары туш-тушка чачырап кеткен.

19 Ошондо Канаан урууларынын чеги Сидондон тартып Герарга, Азага чейин, бул жерден Содом, Амор, Адма жана Себоимден тартып Лашага чейин болгон.

20 Уруулары, тилдери, жерлери боюнча Хамдын уулдарынан тараган элдер ушулар.

21 Жепеттин улуу агасы, бардык Эйбер уулдарынын атасы Шемдин да балдары болгон.

22 Шемдин уулдары: Эйлам, Ашур, Арпакшат, Лут, Рам.

23 Рамдын уулдары: Ус, Хул, Гетер жана Маш.

24 Арпакшаттан Шелах төрөлдү, Шелахтан Эйбер төрөлдү.

25 Эйберден эки уул төрөлдү. Биринин аты – Пелек, себеби анын тушунда жер бөлүндү. Анын бир тууганынын аты – Жоктан.

26 Жоктандан Алмадат, Шелеп, Хатсар-Мабет, Жерах.

27 Адорам, Узал, Дикла,

28 Обал, Абымайыл, Шеба,

29 Опир, Хабила жана Жобап төрөлдү. Булардын баары – Жоктандын уулдары.

30 Булар отурукташкан жерлер Мейшадан тартып чыгыш тоосу Сыпарга чейин болгон.

31 Уруулары, тилдери, жерлери боюнча Шемдин уулдарынан тараган элдер ушулар.

32 Нухтун уулдарынан тараган уруулардын санжырасы ушул. Топон суудан кийин жер үстүндө алардан элдер тараган.

## 11-БӨЛҮМ

### Бабыл мунарасы

1 Жер жүзүндө бир эле тил болгон, адамдар бир эле тилде сүйлөшкөн.

2 Алар чыгыштан көчүп чыгып, Шинар жеринен түздүк таап, ошол жерге отурукташышты.

3 Анан алар бири-бирине: «Келгиле, кыш куюп, отко бышыралы», – дешти. Алар таш ордуна кыш, акиташ ордуна жер чайырын колдонушту.

4 Алар дагы: «Бүт жер жүзүнө тарап кетпешибиз үчүн, өзүбүзгө шаар жана асман тиреген мунара куралы, атыбызды чыгаралы», – дешти.

5 Ошондо Теңир адам уулдары куруп жаткан шаар менен мунараны көргөнү төмөн түштү.

6 Теңир мындай деди: «Мына, бир эл, бардыгынын тили бир. Булардын баштаган иши ушул. Булар кылам дегенинен кайтышпайт.

7 Төмөн түшүп баралы да, бири-биринин тилин түшүнбөгүдөй кылып, ошол жерде булардын тилдерин аралаштырып салалы».

8 Ошентип, Теңир аларды ал жерден бүт жер жүзүнө таратып жиберди. Ошондо алар шаар курууну токтотушту.

9 Ошондон улам ага Бабыл деген ат берилди, анткени Теңир жер жүзүндөгү бардык тилдерди ошол жерде аралаштырды, Теңир аларды бүт жер бетине ошол жерден таратып жиберди.

**Шемдин тукуму**

10 Шемдин санжырасы мындай: топон суу каптагандан кийин, эки жыл өткөндө, Шем жүзгө чыкканда, андан Арпакшат төрөлдү.

11 Арпакшат төрөлгөндөн кийин, Шем беш жүз жыл жашады. Андан дагы уул-кыздар төрөлдү.

12 Арпакшат отуз беш жашка чыкканда, андан Шелах төрөлдү.

13 Шелах төрөлгөндөн кийин, Арпакшат төрт жүз үч жыл жашады. Андан дагы уул-кыздар төрөлдү.

14 Шелах отуз жашка чыкканда, андан Эйбер төрөлдү.

15 Эйбер төрөлгөндөн кийин, Шелах төрт жүз үч жыл жашады. Андан дагы уул-кыздар төрөлдү.

16 Эйбер отуз төрт жашка чыкканда, андан Пелек төрөлдү.

17 Пелек төрөлгөндөн кийин, Эйбер төрт жүз отуз жыл жашады. Андан дагы уул-кыздар төрөлдү.

18 Пелек отуз жашка чыкканда, андан Рейу төрөлдү.

19 Рейу төрөлгөндөн кийин, Пелек эки жүз тогуз жыл жашады. Андан дагы уул-кыздар төрөлдү.

20 Рейу отуз эки жашка чыкканда, андан Серук төрөлдү.

21 Серук төрөлгөндөн кийин, Рейу эки жүз жети жыл жашады. Андан дагы уул-кыздар төрөлдү.

22 Серук отуз жашка чыкканда, андан Нахор төрөлдү.

23 Нахор төрөлгөндөн кийин, Серук эки жүз жыл жашады. Андан дагы уул-кыздар төрөлдү.

24 Нахор жыйырма тогуз жашка чыкканда, андан Терах төрөлдү.

25 Терах төрөлгөндөн кийин, Нахор жүз он тогуз жыл жашады. Андан дагы уул-кыздар төрөлдү.

26 Терах жетимиш жашка чыкканда, андан Ыбрам, Нахор жана Аран төрөлдү.

**Терахтын санжырасы**

27 Терахтын санжырасы мындай: Терахтан Ыбрам, Нахор жана Аран төрөлдү. Арандан Лот төрөлдү.

28 Аран өз атасы Терах тирүү кезинде, өзү туулган жерде, каздимдердин Ур шаарында көз жумган.

29 Ыбрам менен Нахор аял алышты. Ыбрамдын аялынын аты Сара, Нахордун аялынын аты Милка эле. Милка Арандын кызы болчу. Аран – Милка менен Исканын атасы.

30 Саранын боюна бүтпөгөндүктөн, балдары жок эле.

31 Канаан жерине баруу үчүн, Терах өз уулу Ыбрамды, Арандын уулу, небереси Лотту, өз уулу Ыбрамдын аялы, келини Сараны алып, каздимдердин Ур шаарынан чыкты. Харанга барып, ошол жерде туруп калышты.

32 Терах эки жүз бешке чыгып, Харанда көз жумду.

**12-БӨЛҮМ**

**Кудайдын Ыбрамды чакырышы**

1 Теңир Ыбрамга мындай деди: «Өз жериңен, өз туугандарыңан, атаңдын үйүнөн бөлүнүп чыгып, Мен көрсөткөн жерге бар.

2 Мен сенден улуу эл чыгарам, сага батамды берип, атыңды даңазалайм, сен аркылуу башкалар бата алышат.

3 Сага бата бергенге Мен батамды берем, сени каргаганды Мен каргайм. Жер жүзүндөгү бүт элдер сен аркылуу бата алышат».

4 Ыбрам Теңирдин айтканы боюнча жолго чыкты. Аны менен Лот да жолго чыкты. Ыбрам Харандан чыкканда, жетимиш беш жашта эле.

5 Ыбрам өзү менен кошо аялы Сараны, бир тууганынын уулу Лотту, Харанда тапкан бардык мал-мүлкүн, өздөрүнүн бардык кишилерин алып, Канаанды көздөй жол тартып, Канаан жерине келди.

6 Ыбрам Канаан жерин аралап өтүп, Шекем деген жерге чейин, Море деген эмен токоюна чейин келди. Ошол убакта ал жерде канаандыктар жашашчу.

7 Ошондо Теңир Ыбрамга келип, мындай деди: «Бул жерди Мен сенин укум-тукумуңа берем». Ыбрам Теңир келген жерге Ага арнап курмандык чалынуучу жай курду.

8 Ал жерден ал Бейтелдин чыгыш жагындагы тоого барып, ошол жерге өз чатырын тикти. Бейтел батыш тарапта, ал эми Ай чыгыш тарапта калды. Ал Теңирге курмандык чалынуучу жай куруп, Теңирдин атын чакырды.

9 Анан Ыбрам жыйналып, түштүктү көздөй жолун улантты.

**Ыбрам Мисирде**

10 Ошол өлкөдө ачарчылык болду. Ачарчылык күчөгөндүктөн, Ыбрам Мисирге жашап туруу үчүн жөнөдү.

11 Ал Мисирге жакындаганда, аялы Сарага мындай деди: «Сен келишимдүү, сулуу аялсың.

12 Мисирликтер сени көргөндө: "Бул – анын аялы", – деп, мени өлтүрүп, сени тирүү калтырышат.

13 Сен карындашымын дегин, сенин аркаң менен мага жакшы болсун, сенин аркаң менен тирүү калайын».

14 Ыбрам Мисирге келгенде, мисирликтер Саранын абдан сулуу аял экенин көрүштү.

15 Сараны фараондун төрөлөрү да көрүп, фараонго мактап барышты. Анан Сараны фараондун үйүнө алдырып келишти.

16 Ошондо Саранын аркасы менен Ыбрамга жакшы болду. Ага майда жана бодо малдар, эшектер, кулдар, күңдөр, качырлар жана төөлөр берилди.

17 Бирок Теңир Ыбрамдын аялы Сара үчүн фараонго жана анын үй ичине катуу ооруларды жиберди.

18 Ошондо фараон Ыбрамды чакырып, мындай деди: «Бул эмне кылганың? Эмне үчүн Саранын аялың экенин айткан жоксуң?

19 Эмне үчүн: "Ал менин карындашым", – дедиң? Мен аны аялдыкка алып коё жаздадым. Мына, аялың, аны алгын да, кеткин».

20 Анан фараон Ыбрам жөнүндө өзүнүн кишилерине буйрук берди. Алар аны аялы жана колунда болгон бардык мал-мүлкү менен узатып жиберишти.

## 13-БӨЛҮМ

**Ыбрамдын Лоттон бөлүнүшү**

1 Ыбрам аялы жана өзүнүн кишилери менен Мисирден чыгып, түштүктү карай жөнөдү. Аны менен Лот да жөнөдү.

2 Ыбрам малга да, күмүшкө да, алтынга да аябай бай эле.

3 Ал түштүктөн Бейтелди көздөй жүрүп отуруп, Бейтел менен Айдын ортосундагы мурда чатыры турган жерге келди.

4 Курмандык чалынуучу жай курган мурдагы жерине келип, Ыбрам Теңирдин атын чакырды.

5 Ыбрам менен жүргөн Лоттун да майда жана бодо малы, чатырлары болгон.

6 Аларга бирге жашаганга жер тардык кылды, анткени алардын мал-мүлкү өтө көп болгондуктан, бирге жашоого мүмкүн болбой калган эле.

7 Бир күнү Ыбрам менен Лоттун койчуларынын ортосунда талаш болду. Ал жерде ошол кезде канаандыктар менен периздиктер жашап турушкан эле.

8 Ошондо Ыбрам Лотко мындай деди: «Сен экөөбүздүн, малчыларыбыздын ортосунда чыр-чатак болбосун, анткени экөөбүз тууганбыз.

9 Мына, бардык жер сенин алдыңда. Менден бөлүн. Эгерде сен сол тарапка кетсең, мен оң тарапка кетейин. Эгерде сен оң тарапка кетсең, мен сол тарапка кетейин».

10 Лот көз чаптырып, Иордандын бүт тегерек-четин көрдү. Теңир Содом менен Аморду жок кыла электе, Соарга чейинки бардык жерлер Теңирдин багындай, Мисир жериндей сугарылып турчу.

11 Ошондо Лот өзүнө Иордандын бүт тегерек-четин тандады да, чыгышты көздөй жөнөдү. Ошентип, алар бири-биринен бөлүнүштү.

12 Ыбрам Канаан жеринде жашап калды, ал эми Лот тегерек-четтеги шаарларда жашап, өз чатырларын Содомго чейин тикти.

13 Содомдун тургундары болсо Теңирдин алдында күнөөгө баткан жаман адамдар эле.

**Ыбрамдын Хебронго көчүп келиши**

14 Лот Ыбрамдан бөлүнүп кеткенден кийин, Теңир Ыбрамга мындай деди: «Азыркы турган ордуңдан түндүккө, түштүккө, чыгышка жана батышка көз чаптырып кара.

15 Анткени сен көрүп турган жердин бардыгын Мен сага жана сенин укум-тукумуңа түбөлүккө берем.

16 Сенин укум-тукумуңду кумдай көп кылам. Ким кумду санай алат? Эгерде ал саналса, анда сенин укум-тукумуң да саналат.

17 Тургун да, мына бул жерди узун-туурасынан аралап чык, анткени Мен аны сага берем».

18 Ыбрам чатырын жыйнап, Хеброндогу Мамрей деген эмен токоюнун жанына барып жайланышты. Ал жерде Теңирге арнап курмандык чалынуучу жай курду.

**14-БӨЛҮМ**

**Ыбрамдын Лотту куткарышы**

1 Шинар падышасы Амрапелдин, Эласар падышасы Ариохтун, Эйлам падышасы Кедорламердин жана Гоим падышасы Тидалдын убагында мындай болду:

2 алар Содом падышасы Берага, Амор падышасы Биршага, Адма падышасы Шинапка, Себоим падышасы Шемейберге жана Бела (Соар) падышасына каршы согуш ачышты.

3 Алардын бардыгы азыркы Туздуу деңиз турган Соар өрөөнүнө чогулушту.

4 Алар он эки жыл бою Кедорламердин алдында кулчулукта болуп, он үчүнчү жылы козголоң чыгарышты.

5 Он төртүнчү жылы Кедорламер менен бирге падышалар келишти да, Аштарот-Карнайымдагы репалыктарды, Гамдагы зуздуктарды, Шабей-Кирийатайимдеги эймимдерди,

6 ошондой эле өздөрүнүн Сеир тоосунда жашаган хориликтерди чөлдүн жанындагы Эл-Паранга чейин талкалашты.

7 Алар ал жактан кайтып келишкенден кийин, Эйин-Мишпат булагына (Кадеш) келишип, амалыктыктардын бүт өлкөсүн жана ошондой эле Хасатсон-Тамарда жашаган аморлуктарды кыйратышты.

8 Анан Содом, Амор, Адма, Себоим жана Бела падышалары Соар өрөөнүндө аларга каршы согуш ачышты,

9 Эйлам падышасы Кедорламер, Гоим падышасы Тидал, Шинар падышасы Амрапел, Эласар падышасы Ариох болуп, төрт падыша бешөөнө каршы чыкты.

10 Соар өрөөнүндө чайыр чуңкурлары көп эле. Содом менен Амордун падышалары качып баратып, ошол чуңкурларга түшүп кетишти. Ал эми калгандары тоолорго качып кетишти.

11 Жеңгендер Содом менен Амордун бардык мал-мүлкүн жана болгон азыгын талап-тоноп кетишти.

12 Содомдо жашаган Ыбрамдын иниси Лотту да мал-мүлкү менен кошо алып кетишти.

13 Тирүү калгандардан бирөө келип, эврей Ыбрамга кабар берди. Ал ошол кезде Ыбрамдын шериктештери болгон Эшкол менен Анейирдин бир тууганы аморлуктардын Мамрей деген эмен токоюнун жанында жашачу.

14 Ыбрам тууганынын туткунга алынганын укканда, үйүндө төрөлүп өскөн үч жүз он сегиз кулун куралдандырып, душмандарын Данга чейин кууп барды.

15 Ал кулдары менен топ-топко бөлүнүп алып, аларды түн ичинде кол салып талкалады. Аларды Дамасктын түндүк жагындагы Хобага чейин кууп барды.

16 Ошентип, ал өзүнүн тууганы Лотту, анын бүт мал-мүлкүн, ошондой эле аялдарды жана элди кайра алып келди.

**Ыбрам жана Малки-Седек**

17 Ал Кедорламерди жана аны менен жүргөн падышаларды жеңип келе жатканда, «падыша өрөөнү» деп аталган Шабей өрөөнүндө Содом падышасы анын алдынан тосуп чыкты.

18 Ошондо Шалем падышасы Малки-Седек нан менен шарап көтөрүп чыкты. Ал бардыгынан жогору турган Кудайдын ыйык кызмат кылуучусу эле.

19 Ал Ыбрамга мындай деп батасын берди: «Бардыгынан жогору турган Кудай, асман менен жердин Эгедери Ыбрамга батасын берсин,

20 душмандарыңды колуңа салып берген бардыгынан жогору турган Кудайга алкыш!» Ошондо Ыбрам ага бардык мал-мүлкүнүн ондон бир бөлүгүн берди.

21 Содом падышасы Ыбрамга: «Адамдарымды бер, мал-мүлктү алып кал», – деди.

22 Бирок Ыбрам Содом падышасына минтип айтты: «Сен: “Мен Ыбрамды байыттым”, – деп айтпашың үчүн, жигиттердин жегендеринен жана мени менен бирге барган кишилердин үлүшүнөн башка сенин эч нерсеңди, жибиң турмак, бут кийиминдин боосун да албайм деп,

23 бардыгынан жогору турган Кудай-Теңирге, асман менен жердин Эгедерине колумду көтөрөм.

24 Анейир, Эшкол, Мамрей үчөө өз үлүштөрүн ала берсин».

**15-БӨЛҮМ**

**Кудайдын Ыбрам менен келишим түзүшү**

1 Бул окуялардан кийин Теңир Ыбрамга көрүнүш аркылуу мындай деди: «Коркпогун, Ыбрам, Мен сенин калканыңмын, сенин сыйлыгың абдан чоң».

2 Ошондо Ыбрам мындай деди: «О, Эгедер Теңирим! Мага Сен эмне бересиң? Мен баласыз өтүп бара жатам, үй ишин башкаруучум – дамасктык ушул Элиезер.

3 Сен мага тукум берген жоксуң, ошондуктан үйүмдөгү адам менин мураскорум».

4 Ошондо Теңирден ага мындай сөз айтылды: «Ал сенин мураскоруң болбойт, сенин мураскоруң өзүңдөн чыккан балаң болот».

5 Анан аны сыртка чыгарып, мындай деди: «Асманды карачы, эгерде жылдыздарды санай алсаң, санап чык. Сенин тукумуң ошончо болот».

6 Ыбрам Теңирге ишенди. Теңир анын ишенимин ага адилдик катары эсептеди.

7 Теңир Ыбрамга минтип айтты: «Бул жерди сенин ээлигиңе берүү үчүн, сени каздимдердин Ур шаарынан алып чыккан Теңир Менмин».

8 Ыбрам Андан: «Эгедер Теңирим! Мен бул жерге ээ болорумду эмнеден билем?» – деп сурады.

9 Теңир ага мындай деди: «Мага үч жылдык кунажын, үч жылдык эчки, үч жылдык кочкор, бактек жана жаш көгүчкөн алып кел».

10 Ал алардын бардыгын алып келди да, канаттуулардан башкасын экиге бөлүп, бөлүктөрдү бири-биринин тушуна койду.

11 Ошондо этке жырткыч куштар жабалактап учуп келишти, бирок Ыбрам аларды кубалап турду.

12 Күн батарда Ыбрамды катуу уйку басты. Ошондо аны үрөй учурган коркунуч менен коюу караңгылык каптады.

13 Ошондо Теңир Ыбрамга мындай деди: «Билип ал, сенин укум-тукумуң бөтөн жерде келгин эл болот. Аларды кул кылып, төрт жүз жыл эзишет.

14 Бирок Мен аларды кул кылган элди жазалайм, ошондо алар ал жерден көп мал-мүлк менен чыгышат.

15 Ал эми сен ата-бабаларың жаткан жайга тынчтык менен кетесиң, бакыбат өмүр сүрүп, көргө коюласың.

16 Бул жерге алардын төртүнчү тукуму кайтып келет, анткени аморлуктардын мыйзамсыздыгы чегине жете элек».

17 Күн батары менен караңгылык каптап, мештен чыккандай түтүн менен от жалыны бири-биринин тушуна коюлган бөлүктөрдүн ортосунан өттү.

18 Бул күнү Теңир Ыбрам менен мындай келишим түздү: «Мен сенин укум-тукумуңа бул жерди, Мисир дарыясынан тартып улуу Эфрат дарыясына чейинки:

19 кейнилердин, кеназдыктардын, кадмонитсалыктардын,

20 хеттиктердин, периздиктердин, репалыктардын,

21 аморлуктардын, канаандыктардын, гиргештиктердин жана жебустуктардын жерин бердим».

**16-БӨЛҮМ**

**Ысмайылдын төрөлүшү**

1 Ыбрамдын аялы Сара төрөгөн жок. Анын Ажар деген мисирлик күңү бар болчу.

2 Сара Ыбрамга мындай деди: «Теңир мени төрөбөс кылып койду. Менин күңүмдүн үстүнө кир, балким, мен андан балалуу болормун». Ыбрам Саранын тилин алды.

3 Ошентип, Ыбрамдын Канаан жеринде турганына он жыл болгондо, Ыбрамдын аялы Сара Ажар деген мисирлик күңүн күйөөсү Ыбрамга аялдыкка алып берди.

4 Ал Ажарга жакындады. Анын боюна бүттү. Боюна бүткөнүн билип, ал мырзайымы Сараны жек көрө баштады.

5 Ошондо Сара Ыбрамга мындай деди: «Менин таарынычыма сен күнөөлүүсүң. Күңүмдү сага бердим эле. Ал болсо өзүнүн боюна бүткөнүн билип, мени жек көрө баштады. Экөөбүздүн ортобузга Теңир Өзү сот болсун».

6 Ыбрам Сарага мындай деди: «Мына, **күңүң** өз колуңда. Эмне кылам десең, өзүң бил». Ошондо Сара Ажарды кысымга ала баштады. Ажар андан качып кетти.

7 Теңирдин периштеси аны чөлдөгү булак суусунун жанынан, Шурга кеткен жолдогу булактын жанынан тапты.

8 Анан ага мындай деди: «Ажар, Саранын күңү! Сен кайдан келдиң, кайда бара жатасың?» Ал: «Мен өзүмдүн мырзайымым Сарадан качып бара жатам», – деп жооп берди.

9 Теңирдин периштеси ага мындай деди: «Мырзайымыңа кайра бар да, ага баш ий.

10 Укум-тукумуңду көбөйткөндөн көбөйтөм, көптүгүнөн санап чыккыс болот».

11 Теңирдин периштеси ага дагы мындай деди: «Азыр сенин боюңда бар, уул төрөйсүң, атын Ысмайыл деп коёсуң, анткени сенин кайгы-муңуңду Теңир укту.

12 Ал эл арасында жапайы эшектей болот. Ал баарына каршы, баары ага каршы болот. Ал өз бир туугандарынын жанында жашайт».

13 Ошондо Ажар: «Мен бул жерден мени көргөндү чын эле көрдүм», – деп, өзүнө сүйлөгөн Теңирге мындай деп ат койду: «Сен мени көрүп турган Кудайсың».

14 Ошон үчүн ал булак Бейир-Лакай-Ройи деп аталат. Ал Кадеш менен Береттин ортосунда жайгашкан.

15 Ажар Ыбрамга уул төрөп берди. Ыбрам Ажардан төрөлгөн уулунун атын Ысмайыл койду.

16 Ажар Ыбрамга Ысмайылды төрөп бергенде, Ыбрам сексен алты жашта эле.

**17-БӨЛҮМ**

**Сүннөт – келишимдин белгиси**

1 Ыбрам токсон тогуз жашка чыкканда, Теңир ага келип, мындай деди: «Мен кудуреттүү Кудаймын. Менин алдымда түз жүр, кемчиликсиз бол.

2 Мен сени менен келишим түзөм, сени абдан көбөйтөм».

3 Ошондо Ыбрам жүзтөмөндөп жыгылды. Кудай аны менен сүйлөшүүсүн улантып, мындай деди:

4 «Сени менен түзгөн Менин келишимим – бул Мен. Сен көптөгөн элдердин атасы болосуң.

5 Сенин атың мындан ары Ыбрам эмес, Ыбрайым болот, анткени Мен сени көптөгөн элдердин атасы кылам.

6 Мен сенин тукумуңду абдан көбөйтүп, сенден элдерди чыгарам, сенден падышаларды чыгарам.

7 Сенин, сенин тукумуңдун Кудайы Мен болом деп, Мен сени менен, сенин тукумуң менен түбөлүк келишим түзөм.

8 Ошентип, сага жана сенин тукумуңа сен келгин болуп жашап жаткан Канаан жерин түбөлүккө берем, алардын Кудайы болом».

**Сүннөткө отургузуу – Кудайдын Ыбрайым менен түзгөн келишиминин белгиси**

9 Кудай Ыбрайымга дагы мындай деди: «Сен Менин келишимимди сакта, сенин тукумуң да муундан муунга Менин келишимимди сактасын.

10 Мени менен силердин, сенин тукумуңдун, ортосунда түзүлгөн, силер сактай турган Менин келишимим бул: бардык эркектериңер сүннөткө отургузулсун.

11 Сүннөткө отургузулгула, бул силер менен Менин ортомдогу келишимдин белгиси болот.

12 Сенин уругуңдан чыкпаган, күмүшкө сатылып алынган, бөтөн элдик жана сенин үйүңдө туулган ар бир эркек бала төрөлгөнүнө сегиз күн болгондо сүннөткө отургузулсун. Бул муундан муунга сакталсын.

13 Сенин үйүңдө төрөлгөн жана күмүшкө сатылып алынган эркек аттуулар, сөзсүз, сүннөткө отургузулууга тийиш. Ошентип, Менин келишимим силердин денеңерде түбөлүк келишим болот.

14 Сүннөткө отургузулбаган эркек өз элинин арасынан жок кылынат, анткени ал Менин келишимимди бузду».

15 Кудай Ыбрайымга дагы мындай деди: «Аялың Сараны Сара дебе, анын аты Саара болот.

**Кудайдын Ыскакты убада кылышы**

16 Мен ага батамды берем. Андан сага уул берем. Саарага батамды берем, андан элдер, элдердин падышалары чыгат».

17 Ошондо Ыбрайым жүзтөмөндөп жыгылып: «Кантип эле жүзгө чыккан адамдан уул төрөлсүн? Токсон жаштагы Саара кантип эле төрөсүн?» – деп, ичинен күлдү.

18 Ыбрайым Кудайга минтип айтты: «О, Сенин алдыңда Ысмайыл эле тирүү жүрсө экен!»

19 Кудай мындай деди: «Сага аялың Саара өзү уул төрөп берет. Сен ага Ыскак деген ат коёсуң. Мен аны менен жана анын кийинки укум-тукуму менен түбөлүктүү келишим түзөм.

20 Мен сенин Ысмайыл жөнүндө айтканыңды да уктум. Эми Мен ага батамды берип, аны кайрып келем да, абдан көп кылып көбөйтөм. Андан он эки уруу башчысы төрөлөт. Мен андан улуу эл чыгарам.

21 **Бирок Мен келишимимди келерки жылы ушул маалда Саара сага төрөп бере турган Ыскак менен түзөм»**.

22 Ошондон кийин Кудай Ыбрайым менен сүйлөшүүсүн токтотуп, анын жанынан жогору көтөрүлүп кетти.

23 Ыбрайым өз уулу Ысмайылды, өз үйүндө төрөлгөндөрдү, күмүшүнө сатып алгандарды, өзүнүн үйүндөгү эркек аттуулардын баарын дал ошол күнү Кудай айткандай кылып, сүннөткө отургузду.

24 Сүннөткө отургузулганда, Ыбрайым токсон тогуз жашта эле.

25 Ал эми анын уулу Ысмайыл сүннөткө отургузулганда, он үч жашта эле.

26 Так ошол күнү Ыбрайым да, анын уулу Ысмайыл да сүннөткө отургузулду.

27 Аны менен бирге анын үйүндөгү эркек аттуулардын баары, анын үйүндө төрөлгөндөр жана бөтөн уруудан күмүшкө сатылып алынгандар сүннөткө отургузулду.

**18-БӨЛҮМ**

1 Теңир Мамрей деген эмен токоюнун жанында Ыбрайымга келди. Ал күн ысыкта чатырдын кире беришинде отурган.

2 Ал башын көтөрүп караса, тушунда үч эркек киши турган экен. Аларды көрүп, чатырдын кире беришинен утурлай чуркап барып, аларга жерге чейин башын ийип таазим этти.

3 Анан мындай деди: «Эгедерим! Эгерде мен Сенин көз алдыңда ырайым тапкан болсом, кулуңдун жанынан кыя өтпө.

4 Азыр бир аз суу алып келип, бутуңарды жууп беришет. Ушул дарактын түбүндө эс алгыла.

5 Мен тамак-аш алып келейин, кубаттанып алып, жолго чыккыла, анткени кулуңардын жанынан өтүп баратасыңар». Алар ага: «Айтканыңдай кыл», – дешти.

6 Ошондо Ыбрайым чатырга шашып кирип, Саарага мындай деди: «Бол тезирээк, эң жакшы ундан үч сата камыр жууруп, ачыткысыз нан жасай кой».

7 Анан Ыбрайым бадага чуркап барып, бир жакшы жаш музоону алып келип, уланга карматты. Улан аны даярдаганга шашты.

8 Анан май, сүт, бышырылган музоо этин алып келип, алардын алдына койду. Алар тамак жеп жатышканда, өзү алардын жанында, дарактын түбүндө турду.

9 Алар андан: «Аялың Саара кайда?» – деп сурашты. Ал: «Ушул жерде, чатырда», – деп жооп берди.

10 Алардын бири мындай деди: «Мен келерки жылы ушул эле убакта сеникинде болом, ошондо аялың Саара уулдуу болот». Саара болсо анын артындагы чатырдын оозунда угуп турган эле.

11 Ыбрайым менен Саара картайып, улгайып калышкан эле. Сааранын аялдарга мүнөздүү нерсеси токтоп калган болчу.

12 Саара ичинен күлүп: «Картайып калганда, мага ушундай сооронуч болмок беле? Мырзам да кары», – деди.

13 Ошондо Теңир Ыбрайымга мындай деди: «“Картайып калганымда кантип эле төрөйүн?” – деп, Саара эмне үчүн күлдү?

14 Теңир үчүн кыйын нерсе барбы? Келерки жылы, айтылган мөөнөттө Мен сеникинде болом, ошондо Саара уулдуу болот».

15 Саара болсо: «Мен күлгөн жокмун», – деп, мойнуна албай койду. Анткени ал коркуп кеткен эле. Бирок Ал: «Жок, сен күлдүң», – деди.

16 Анан алар орундарынан туруШту да, ал жерден Содомго жөнөштү. Ыбрайым аларды узатып коюу үчүн, алар менен кошо жөнөдү.

17 Ошондо Теңир мындай деди: «Мен кыла турган ишимди Ыбрайымдан жашырмак белем!

18 Ыбрайымдан улуу жана күчтүү эл чыгары анык. Жер жүзүндөгү бардык элдер ал аркылуу бата алышат.

19 Анткени Мен аны өз уулдарына жана өзүнөн кийинки укум-тукумуна чындык жана адилеттүүлүк менен жашоону, Теңирдин жолунда жүрүүнү осуяттасын деп тандап алдым. Теңир Ыбрайымга айтканын орундатат».

20 Анан Теңир мындай деди: «Содом менен Амордун күнөөсү абдан оор, алардан кордук көргөндөрдүн ыйы катуу.

21 Түшүп көрөйүн, алардын кылып жаткан иштери Мага жеткен ыйчалык бекен же жокпу, билейин».

22 Ошентип, алар ал жерден бурулуп, Содомго кетишти. Ыбрайым болсо дагы эле Теңирдин алдында турду.

23 Анан Ыбрайым Теңирге жакын келип, мындай деди: «Кантип эле Сен адил адамды мыйзамсыз менен бирге жок кыласың?

24 Балким, бул шаарда элүү адил адам бардыр? Кантип эле Сен ал жердеги элүү адил адам үчүн аларга ырайым кылбай жок кыласың?

25 Мыйзамсызга эмне болсо, адилге да ошол болбошу үчүн, Сен адилди мыйзамсыз менен бирге жок кылбайсың, Сен эч качан андай кылбайсың! Бүт жер жүзүнүн Соту адилетсиз сот жүргүзмөк беле?»

26 Ошондо Теңир мындай деди: «Эгерде Мен Содом шаарынан элүү адил адам тапсам, анда Мен алар үчүн ал жерге ырайым кылам».

27 Ыбрайым: «Мен топурак жана күл болсом да, Эгедериме сүйлөгөнгө батындым.

28 Эгерде элүү адилге бешөө жетпей калса, жетпеген беш адам үчүн Сен бүтүндөй шаарды кыйратасыңбы?» – деп сурады. Теңир ага: «Эгерде андан кырк бешти тапсам, кыйратпайм», – деп жооп берди.

29 Ыбрайым Теңир менен сүйлөшүүсүн улантып: «Мүмкүн, ал жерден кырк адил адам табылар», – деди. Теңир ага: «Кырк адам үчүн да андай кылбайм», – деди.

30 Ыбрайым дагы: «Менин айта турган сөзүмө Эгедерим каарданбаса экен. Мүмкүн, ал жерден отузу табылар?» – деди. Теңир ага: «Эгер отузу табылса да, андай кылбайм», – деди.

31 Ыбрайым дагы: «Мен Эгедериме сүйлөгөнгө батындым. Мүмкүн, ал жерден жыйырмасы табылар?» – деди. Теңир ага: «Жыйырмасы үчүн да андай кылбайм», – деди.

32 Ошондо Ыбрайым Теңирге: «Мен дагы бир жолу айтсам, Эгедерим каарданбаса экен. Мүмкүн, ал жерден ону табылар?» – деди. Теңир ага: «Ону үчүн да жок кылбайм», – деди.

33 Ошондо Теңир Ыбрайым менен сүйлөшүүсүн токтотуп, анын жанынан кетти. Ыбрайым болсо өз үйүнө кайтып келди.

**19-БӨЛҮМ**

**Содомдун күнөөсү**

1 Лот Содомдун дарбазасынын жанында отурганда, жанагы эки периште кечинде Содомго келди. Лот аларды көрө коюп, тосуп алуу үчүн, ордунан туруп, жерге чейин башын ийип таазим этип, мындай деди:

2 «Мырзаларым! Кулуңардын үйүнө кирип, түнөп кеткиле, бутуңарды жууп алгыла, эртең менен туруп, жолуңарды улантасыңар». Бирок алар: «Жок, биз көчөгө түнөйбүз», – дешти.

3 Ал аябай өтүнүп сурангандыктан, алар аныкына бет алып, үйүнө келишти. Лот аларга сый көрсөттү, ачыткысыз нан жасады. Алар жешти.

4 Алар жата электе, содомдуктардын жаш-карысы дебей, шаардын бардык тегерек-четинен келген эл үйдү тегеректеп алышты.

5 Лотту чакырып, ага мындай дешти: «Сага түнөккө келген кишилер кайда? Аларды бизге чыгарып бер. Биз аларга жакындайбыз».

6 Лот кире беришке чыгып, өзүнүн аркасынан эшикти бекитти.

7 Анан мындай деди: «Агайын-туугандар, жамандык кылбагыла.

8 Менин эркек көрө элек эки кызым бар, мен аларды чыгарып берейин, аларга каалаганыңарды кылгыла, бирок бул кишилерге тийбегиле, анткени булар менин үйүмө келишти».

9 Бирок алар: «Бери кел. Карасаң муну, келгин болуп туруп соттошкусу бар! Эми биз сага аларга кылгандан да жаман кылабыз», – деп, Лотту жөөлөп, эшикти сындырмакчы болушту.

10 Ошондо жанагы кишилер колдорун сунуп, Лотту үйгө тартып киргизип, эшикти бекитип салышты.

11 Ал эми үйдүн кире беришиндеги адамдарды жашынан карысына чейин сокур кылып салышкандыктан, алар эшикти таба албай кыйналышты.

12 Жанагы кишилер Лотко мындай дешти: «Бул жерде дагы кимиң бар? Күйөө балаң болобу, уулдарың болобу, кыздарың болобу, шаарда кимиң болбосун, бардыгын бул жерден алып чык.

13 Анткени биз бул жерди жок кылабыз. Анын тургундарынан кордук көргөндөрдүн зар-муңу Теңирге жетти, Теңир аны жок кылыш үчүн, бизди жиберди».

14 Ошондо Лот чыгып, болочок күйөө балдарына мындай деди: «Тургула, бул жерден чыгып кеткиле, анткени Теңир бул шаарды жок кылат». Бирок күйөө балдарына ал тамашалап жаткандай көрүндү.

**Лоттун Содомдон чыгышы**

15 Таң атары менен периштелер: «Шаардын мыйзамсыздыктары үчүн өлүп калбашың үчүн, ордуңан туруп, аялыңды жана колуңдагы эки кызыңды алып чык», – деп, Лотту шаштыра башташты.

16 Лот шашпагандыктан, жанагы кишилер Теңирдин ага болгон ырайымынан улам аны, аялын, эки кызын колдорунан алып, шаардын сыртына алып чыгышты.

17 Аларды сыртка чыгаргандан кийин, алардын бири мындай деди: «Өз жаныңды сакта, артыңа кылчайып караба, бул тегеректин эч жерине токтобо, өлүп калбашың үчүн, тоого кач».

18 Бирок Лот аларга мындай деди: «Жок, Эгедерим!

19 Мына, Сенин кулуң Сенин алдыңда ырайым тапты, мага чоң ырайым көрсөтүп, менин өмүрүмдү сактап калдың, бирок тоого качып кете албайм, анткени кырсыкка кабылып өлүп калышым мүмкүн.

20 Качып барууга мына бул шаар жакын, ал чакан шаар эмеспи. Ошол жакка качайын, чакан шаар эмеспи. Аман калам».

21 Ошондо Ал ага: «Макул, сенин каалооң боюнча Мен сен айткан шаарды кыйратпайын.

22 Тезирээк ошол жакка кач, анткени сен ал жакка жетмейинче, Мен эч нерсе кыла албайм», – деди. Ошондон улам ал шаар Соар деп аталып калган.

23 Жер бетине күн чыкканда, Лот Соарга келди.

24 Ошондо Теңир Содом менен Аморго асмандан Теңирден болгон күкүрт менен отту жамгыр кылып төктү.

25 Ошентип, Теңир бул шаарларды, алардын тегерек-четин, адамдарынан тартып, өсүмдүктөрүнө чейин кыйратып салды.

26 Аялы болсо Лоттун артынан келе жатып, кылчайып артын карады эле, туз мамыча болуп калды.

27 Ыбрайым эртең менен эрте туруп, мурун Теңирдин алдында турган жерине жөнөдү.

28 Ал Содом менен Аморго жана алардын тегерек-четине көз чаптырып караса, жерден мештин түтүнүндөй болгон түтүн көтөрүлүп жатыптыр.

29 Кудай бул тегеректеги шаарларды кыйратып жатып, Ыбрайымды эстеди да, Лот жашаган шаарларды кыйратып жатканда, ал жерден Лотту алып чыкты.

**Маалтыктар менен амондуктардын пайда болушу**

30 Лот Соардан чыгып, эки кызы менен бирге тоодо жашап калды, анткени ал Соарда жашагандан коркту. Ал эки кызы менен бирге үңкүрдө жашап турду.

31 Ошондо эжеси синдисине: «Атабыз картайды. Бүт жер жүзүнүн салты боюнча жер үстүндө бизге жакындай турган адам жок.

32 Ошондуктан атабызды шарапка тойгузуп, аны менен жатып, атабыздан тукум улайлы», – деди.

33 Алар ошол түнү өз атасын шарапка тойгузушту. Анан эжеси кирип, өз атасы менен жатты. Атасы болсо анын качан жатып, качан туруп кеткенин билген жок.

34 Эртеси күнү эжеси синдисине: «Мен кечээ атам менен жаттым. Бүгүн түндө да аны шарапка тойгузалы. Анан сен кирип, аны менен жат, атабыздан тукум улайлы», – деди.

35 Алар бул түнү да атасын шарапка тойгузушту. Анан синдиси кирип, өз атасы менен жатты. Атасы болсо анын качан жатып, качан туруп кеткенин билген жок.

36 Ошентип, Лоттун эки кызы тең өз атасынан кош бойлуу болуп калышты.

37 Эжеси уул төрөп, атын Маап койду. Ал – ушул күнгө чейин Маап элинин атасы.

38 Синдиси да уул төрөп, атын Бен-Ами койду. Ал – ушул күнгө чейин Амон элинин атасы.

**20-БӨЛҮМ**

**Ыбрайым жана Абы-Мелек**

1 Ыбрайым ал жерден чыгып, түштүккө келип, Кадеш менен Шурдун ортосуна жайгашып, Герар жеринде убактылуу жашап турду.

2 Ыбрайым өз аялы Саараны: «Бул менин карындашым», – деди. Ошондо Герар падышасы Абы-Мелек киши жиберип, Саараны алдыртты.

3 Кудай Абы-Мелекке түн ичинде түшүндө келип, ага мындай деди: «Эми сен алган бул аял үчүн өлөсүң, анткени анын күйөөсү бар».

4 Абы-Мелек болсо Саарага тийген жок. Ал мындай деди: «Эгедерим! Кантип эле Сен айыпсыз элди жок кыласың?

5 Ыбрайым мага: "Бул менин карындашым", – деп, өзү айтпады беле? Саара да: "Ал менин агам", – деген. Мен муну таза жүрөк, таза кол менен кылгам».

6 Ошондо Кудай түшүндө ага мындай деди: «Сен муну таза жүрөк менен кылганыңды Мен билемин, ошондуктан сени ага тийгизбей, Мага каршы күнөө кылуудан сактап калдым.

7 Аялды күйөөсүнө азыр эле кайтарып бер, анткени ал – пайгамбар, ал сен үчүн сыйынсын, ошондо сен тирүү каласың. Эгерде кайтарып бербесең, анда билип кой, сен бардык адамдарың менен кошо, сөзсүз, өлөсүң».

8 Ошондо Абы-Мелек эртең менен эрте туруп, өзүнүн бардык кулдарын чакырып алып, бул сөздөрдүн бардыгын аларга угуза айтып берди. Алар абдан коркуп кетишти.

9 Анан Абы-Мелек Ыбрайымды чакырып алып, ага: «Эмне үчүн сен бизге мындай кылдың? Мага жана менин падышачылыгыма чоң күнөө келтиргидей, сага эмне күнөө кылдым эле? Сен туура эмес иш кылдың.

10 Сен бул ишти кандай ой менен кылдың эле?» – деди.

11 Ыбрайым мындай жооп берди: «Бул жерде Кудайдан коркуу жок болгондуктан, мени аялымдын айынан өлтүрүп коюшат деп ойлодум.

12 Ал, чын эле, менин карындашым. Экөөбүз аталаш бир тууганбыз, энебиз башка. Азыр болсо ал менин аялым.

13 Кудай мени атамдын үйүнөн жер кезүүгө алып чыкканда, мен ага: “Мага ырайым кылып, кайсы жерге келсек да, бардык жерде сен мени: "Бул менин агам" де”, – деп айткан элем».

14 Ошондо Абы-Мелек Ыбрайымга майда жана бодо мал, кулдарды жана күңдөрдү берди. Аялы Саараны да ага кайра берди.

15 Анан Абы-Мелек мындай деди: «Мына, менин жерим сенин алдыңда. Каалаган жериңде жаша».

16 Саарага да мындай деди: «Мына, мен бир тууган агаңа миң күмүш шекел бердим. Бул сенин бүт элдин алдында ак экениңди билдирет, сен бардыгынын алдында акталдың».

17 Анан Ыбрайым Кудайга сыйынды. Ошондо Кудай Абы-Мелекти, анын аялын, күңдөрүн сакайтты, алар төрөй башташты.

18 Анткени Теңир Ыбрайымдын аялы Саара үчүн Абы-Мелектин үйүндөгү бардык аялдарды төрөбөс кылып салган эле.

**21-БӨЛҮМ**

**Ыскактын төрөлүшү**

1 Теңир Өзү айтканындай, Саарага назарын салып, ага айткан сөзүн аткарды.

2 Саaранын боюна бүтүп, Кудай айткан мезгилде, Ыбрайым картайган кезде, ага уул төрөп берди.

3 Ыбрайым өзүнүн Саарадан төрөлгөн уулуна Ыскак деген ат койду.

4 Кудай ага осуяттагандай, сегизинчи күнү Ыбрайым өз уулу Ыскакты сүннөткө отургузду.

5 Уулу Ыскак төрөлгөндө, Ыбрайым жүз жашта эле.

6 Ошондо Саара: «Кудай мени күлкү кылды. Мен жөнүндө ким укса да, күлөт го.

7 “Саара бала эмизет”, – деп, Ыбрайымга ким айтмак? Бирок ал карыган кезде мен ага уул төрөп бердим», – деди.

8 Бала чоңоюп, эмчектен чыгарылды. Ыскак эмчектен чыгарылган күнү Ыбрайым чоң той берди.

**Ажардын баласы менен куулуп чыгышы**

9 Саара мисирлик Ажардын Ыбрайымга төрөп берген уулунун Ыскакты шылдыңдап жатканын көрүп калып,

10 Ыбрайымга мындай деди: «Бул күңдү уулу менен кошо кууп чык, анткени анын уулу менин уулум Ыскак менен бирге мураскор болбойт».

11 Ысмайыл жөнүндө айтылган бул сөз Ыбрайымга катуу тийди.

12 Бирок Кудай Ыбрайымга: «Уулуң менен күңүң үчүн кайгырба. Сааранын айтканынын баарын кыл, анын тилин ал, анткени сенин тукумуң Ыскактан тарайт.

13 Күңүңдүн уулунан да Мен эл жаратам, анткени ал сенин уулуң», – деди.

14 Ыбрайым эртең менен эрте туруп, тамак-аш жана бир чанач суу алып, Ажардын ийнине артып, баласын колуна берип, аны коё берди. Ажар кетип бара жатып, Бейер-Шеба чөлүндө адашып калды.

15 Чаначта суу калбай калгандыктан, баласын бадалдын түбүнө калтырып,

16 жаа жебеси жеткидей, алыс барып отурду да: «Баланын өлгөнүн көргүм келбейт», – деп, анын каршысында отуруп алып, боздоп ыйлады.

17 Кудай баланын үнүн укту. Ошондо асмандан Кудайдын периштеси Ажарды чакырып: «Ажар, сага эмне болду? Коркпо, Кудай баланын үнүн жаткан жеринен укту.

18 Ордуңан туруп, баланы тургузуп, колунан ал, анткени Мен андан улуу эл чыгарам», – деди.

19 Кудай Ажардын көзүн ачты, ошондо ал суусу бар кудукту көрдү. Анан ал барып, чаначка толтура суу алып келип, балага ичирди.

20 Кудай бала менен болду. Ал чоңоюп, чөлдө жашап калды. Жаа тарткан мергенчи болду.

21 Ал Паран чөлүндө жашады. Энеси ага Мисир жеринен аял алып берди.

**Ыбрайымдын Абы-Мелек менен келишим түзүшү**

22 Ошол убакта мындай окуя болду: Абы-Мелек өзүнүн аскер башчысы Пихол менен келип, Ыбрайымга: «Эмне кылсаң да, бардык иште Кудай сени менен экен.

23 Сен азыр ушул жерде мага: “Сени да, уулуңду да, небереңди да таарынтпайм”, – деп, Кудай менен ант бер. Мен сага кандай жакшылык кылсам, сен да мага жана өзүң жашап турган жерге ошондой жакшылык кыл», – деди.

24 Ошондо Ыбрайым: «Ант берем», – деди.

25 Анан Ыбрайым Абы-Мелектин кулдары суусу бар кудукту тартып алганы үчүн, Абы-Мелекти жемеледи.

26 Абы-Мелек болсо: «Муну ким кылганын билбеймин, сен да мага айткан эмессиң. Мен ал жөнүндө ушуга чейин уккан эмесмин», – деди.

27 Ошондо Ыбрайым майда жана бодо малдан алып, Абы-Мелекке берди. Ошентип, экөө тынчтык келишимин түзүштү.

28 Ыбрайым майда малдан жети козуну өзгөчө бөлүп койду.

29 Абы-Мелек болсо Ыбрайымдан: «Жети козуну бул жерге өзүнчө бөлүп койгонуң эмнең?» – деп сурады.

30 Ал ага: «Бул жети козуну менин колумдан ал, кудукту мен казганыма булар күбө болсун», – деп жооп берди.

31 Ошондуктан ал бул жерди Бейер-Шеба деп атады, анткени бул жерде экөө антташты.

32 Ошентип, Бейер-Шебада тынчтык келишими түзүлдү. Абы-Мелек менен аскер башчысы Пихол Пелишти жерине кайтышты.

33 Ыбрайым Бейер-Шебанын жанына токойчо отургузуп, ал жерде түбөлүктүү Кудай-Теңирдин атын чакырды.

34 Ошентип, Ыбрайым Пелишти жеринде келгин болуп, көп жыл жашады.

**22-БӨЛҮМ**

**Ыбрайымдын сыналышы**

1 Ушул окуялардан кийин Кудай Ыбрайымды сынады. Ал ага: «Ыбрайым!» – деди. Ыбрайым болсо: «Мына мен», – деди.

2 Ошондо Кудай мындай деди: «Жакшы көргөн жалгыз уулуң Ыскакты алып, Мориа жерине бар. Мен сага ал жердеги тоолордун бирин айтам, ошол жерде аны бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка чал».

3 Ыбрайым эртең менен эрте туруп, эшегин токуп, өзү менен кошо малай балдарынан экөөнү жана уулу Ыскакты алып, жолго чыкты. Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык үчүн отун жарып алып, Кудай айткан жерге барды.

4 Үчүнчү күнү Ыбрайым көз чаптырып, алыстан ал жерди көрдү.

5 Анан Ыбрайым малай балдарына: «Силер бул жерде эшек менен калгыла. Ал эми уулум экөөбүз тигил жакка барып, сыйынып, анан силерге кайтып келебиз», – деди.

6 Ыбрайым бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка дайындалган отунду уулу Ыскактын жонуна артып, колуна от менен бычак алды. Анан экөө бирге жөнөдү.

7 Ошондо Ыскак атасы Ыбрайымга: «Ата!» – деди. Ал: «Мына мен, уулум», – деди. Ыскак: «От менен отун мына, ал эми бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка чалынуучу козу кана?» – деп сурады.

8 Ыбрайым ага: «Уулум, Кудай Өзүнө чалынуучу бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка козуну Өзү караштырат», – деп жооп берди. Алар андан ары жөнөштү.

9 Ошентип, алар Кудай айткан жерге келишти. Ыбрайым ал жерге курмандык чалынуучу жай куруп, отундарды коюп, өз уулу Ыскакты байлап, аны курмандык чалынуучу жайга, отундардын үстүнө жаткырды.

10 Анан Ыбрайым өз уулун мууздаш үчүн колун сунуп, бычагын алды.

11 Бирок асмандан Теңирдин периштеси: «Ыбрайым! Ыбрайым!» – деп чакырды. Ал: «Мына мен», – деди.

12 Периште ага: «Балаңа кол көтөрбө, ага эч нерсе кылба, анткени Мен эми сенин Кудайдан коркоруңду, Мен үчүн жалгыз уулуңду да аябаганыңды билдим», – деди.

13 Ыбрайым көз чаптырып караса, артында мүйүзү калың бадалга илинип калган бир кочкор турган экен. Ыбрайым басып барып, ал кочкорду алып, уулунун ордуна бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка чалды.

14 Анан Ыбрайым ошол жердин атын Жахаба-ире деп атады. Ошондон улам «Жахаба тоосунда караштырылат» деген сөз айтылып калган.

15 Теңирдин периштеси асмандан Ыбрайымды экинчи ирет чакырып, мындай деди:

16 «Өзүңдүн жалгыз уулуңду аябастан, ушул иштi кылганың үчүн, Өзүм менен ант берем, – дейт Теңир.

17 Эми Мен сени алкагандан алкайм, сенин тукумуңду асмандагы жылдыздардай, деңиз жээгиндеги кумдай көбөйткөндөн көбөйтөм. Сенин тукумуң өз душмандарынын шаарларын ээлеп алат.

18 Менин тилимди алганың үчүн, сенин тукумуң аркылуу бүт жер жүзүнүн элдери бата алышат».

19 Анан Ыбрайым малай балдарына кайтып келип, алар менен бирге Бейер-Шебага жөнөдү. Ыбрайым Бейер-Шебада жашап турду.

**Нахордун тукуму**

20 Бул окуялардан кийин Ыбрайымга мындай кабар айтылды: «Милка да сенин бир тууганың Нахорго бул уулдарды төрөп берди:

21 тун баласы Усту, анын бир тууганы Бузду, Арамдын атасы Кемуелди,

22 Кесетти, Хазону, Пилдашты, Жидлапты жана Бетуелди.

23 Бетуелден Ребека төрөлдү. Ушул сегизин тең Ыбрайымдын бир тууганы Нахорго Милка төрөп берди.

24 Рейум аттуу күң аялы да Тебахты, Гахамды, Тахашты жана Мааханы төрөдү».

**23-БӨЛҮМ**

**Сааранын көз жумушу жана көргө коюлушу**

1 Саара жүз жыйырма жети жыл жашады.

2 Ал Кирийат-Арбада, Канаан жериндеги азыркы Хеброндо көз жумду. Ыбрайым Сааранын жоктоп ыйлап аза күтүү үчүн келди.

3 Анан Ыбрайым маркумдун жанынан кетип, Хет уулдарына мындай деп айтты:

4 «Мен силердин араңарда келгинмин, жер которуп келген кишимин. Маркумумду көмүү үчүн, араңардан менчикке жер бергиле».

5 Хет уулдары Ыбрайымга мындай деп жооп айтышты:

6 «Мырзабыз, бизди укчу. Сен биздин арабызда Кудайдын төрөсүсүң. Маркумуңду биздин көрүстөнүбүздүн эң жакшы жерине кой. Маркумуңду көрүстөнүбүзгө коюуга эч кимибиз каршы болбойбуз».

7 Ошондо Ыбрайым ордунан туруп, ал жердин элине – Хет уулдарына таазим кылды.

8 Анан аларга мындай деп айтты: «Эгерде силер менин маркумумду коюуга макул болсоңор, анда менин сөзүмдү угуп, мен үчүн Сохар уулу Эпрондон сурап бергиле.

9 Ал мага талаасынын четиндеги Махпел үңкүрүн силердин көзүңөрчө өз баасына менчикке сатсын, аны көрүстөн кылам».

10 Эпрон болсо Хет уулдарынын арасында отурган. Ошондо хеттик Эпрон өзүнүн шаарынын дарбазасынан кирген Хет уулдарынын баарына угуза Ыбрайымга мындай жооп айтты:

11 «Жок, мырзам, уксаң мени. Мен сага талаамды да берем, андагы үңкүрдү да берем, сага аны өз элимдин уулдарынын көзүнчө бекер эле берем, маркумуңду кой».

12 Ыбрайым ал жердин адамдарына таазим этип,

13 ал жердин элине угуза Эпронго мындай деп айтты: «Эгерде тил алсаң, сага талаа үчүн күмүш берейин. Аны ал, мен ал жерге маркумумду коёюн».

14 Эпрон Ыбрайымга мындай деп жооп айтты:

15 «Мырзам! Уксаң мени. Жер төрт жүз шекел күмүш турат. Мен үчүн да, сен үчүн да бул эмне болуп калыптыр? Маркумуңду көмө бер».

16 Ыбрайым Эпрондун айтканын угуп, Хет уулдарына угуза канча деп айтса, көпөстөр колдонгон төрт жүз шекел күмүштү Эпронго таразага тартып берди.

17 Ошентип, Мамрейдин каршысындагы Махпелдеги Эпрон талаасы, ал жердеги үңкүр, ошондой эле талаадагы жана анын бардык тегерек-четиндеги бак-дарактардын баары

18 анын шаарынын дарбазасы менен кирген бардык Хет уулдарынын көз алдында Ыбрайымдын ээлигине өттү.

19 Ошондон кийин Ыбрайым аялы Саараны Канаан жериндеги Мамрейдин (азыркы Хеброн) каршысындагы Махпел талаасындагы үңкүргө койду.

20 Ошентип, Хет уулдарынан алган андагы талаа менен үңкүр Ыбрайымдын менчик көрүстөнү болуп калды.

**24-БӨЛҮМ**

**Ыскактын үйлөнүшү**

1 Ыбрайымдын жашы өтүп, карып калган. Теңир Ыбрайымга бардык жагынан батасын берди.

2 Ыбрайым үй ишин башкарган кулуна мындай деди: «Колуңду менин саныма коюп туруп,

3 уулума мен жашап жаткан Канаан жеринин кыздарынан аял алып бербейм деп, асман-жердин Кудайы болгон Теңир менен ант бер.

4 Менин жериме, менин мекениме барып, уулум Ыскакка аял алып келесиң».

5 Ошондо кулу ага мындай деди: «Эгерде ал аял бул жерге мени менен келгиси келбесечи? Анда уулуңду туулган жериңе кайра жиберишим керекпи?»

6 Ыбрайым ага: «Байкагын, уулумду ал жакка кайра жибербе.

7 Мени атамдын үйүнөн, туулган жеримден алып чыгып, мага: “Бул жерди сенин тукумуңа берем”, – деп убада кылган асман Кудай-Теңири сенин алдыңан Өз периштесин жиберет, ошондо сен ал жерден уулума аял алып келесиң.

8 Эгерде аял сени менен келүүнү каалабаса, анда мага берген антыңдан кутуласың, бирок уулумду ал жакка кайра жибербе», – деди.

9 Ошондо кулу колун мырзасы Ыбрайымдын санына коюп, ошентип ант берди.

10 Анан кулу өз мырзасынын төөлөрүнөн он төө алып, жөнөп кетти. Анын колунда мырзасынын ар кандай асыл буюмдары да бар эле. Ал туруп, Месопотамияга, Нахордун шаарына жөнөдү.

11 Ал шаардын сыртындагы кудуктун жанына кечке маал, аялдар суу алууга чыга турган мезгилде төөлөрүн чөктүрдү.

12 Анан ал: «Теңирим, Ыбрайым мырзамдын Кудайы! Ал кызды мага бүгүн жолуктура көр, менин мырзам Ыбрайымга ырайым кыла көр.

13 Мына, мен кудуктун жанында турам, шаардын кыздары суу сузуп алганы келе жатышат.

14 Мен кайсы кызга: “Кумураңды эңкейтчи, суу ичип алайын”, – десем, ал: “Ич, төөлөрүңдү да сугарып берем”, – десе, анда ошол кыз Сен Өз кулуң Ыскакка дайындаган кыз экенин жана Сен менин мырзама ырайым кылганыңды билем», – деди.

15 Ал айтып бүтө электе эле, Ыбрайымдын бир тууганы Нахордун аялы Милка төрөгөн Бетуелдин кызы Ребека ийнине кумурасын көтөрүп, кудуктун жанына келди.

16 Кыз чырайлуу, эркек көрө элек кыз эле. Ал кудукка келип, кумурасын толтуруп алып, өйдө көздөй жөнөдү.

17 Ошондо кул кыздын астынан чуркап чыгып: «Кумураңдан кичине суу ичирчи», – деди.

18 Кыз: «Ич, мырзам», – деди да, ошол замат кумурасын ийнинен түшүрүп, колуна алып, ага суу ичирди.

19 Кыз ага суу ичиргенден кийин: «Төөлөрүңдүн да суусуну кангыча сузуп келип берейин», – деди.

20 Анан ал ошол замат кумурасындагы сууну аштоого куя салып, кудукка кайра чуркап барып, анын бүт төөлөрүнө суу сузуп берди.

21 Жолуна Теңир батасын берген-бербегенин билгиси келгендиктен, ал киши унчукпай, кызды таң кала карап турду.

22 Төөлөр суу ичип бүткөндөн кийин, ал киши салмагы жарым шекел алтын болгон шакекти жана салмагы он шекел алтын болгон эки билерикти алып чыгып, мындай деп сурады:

23 «Кимдин кызысың? Айтчы мага, атаңдын үйүндө биз түнөгөнгө орун барбы?»

24 Кыз ага: «Нахор менен Милканын уулу Бетуелдин кызымын», – деп жооп берди.

25 Анан дагы мындай деди: «Бизде жем-чөп көп. Түнөгөнгө да орун бар».

26 Ошондо ал киши башын ийип таазим кылып, Теңирге табынып, мындай деди:

27 «Мырзам Ыбрайымдын Кудай-Теңирине алкыш! Ал менин мырзамды Өзүнүн ырайымы менен акыйкатынан куру калтырбаптыр! Теңир мени түз эле мырзамдын бир тууганынын үйүнө алып келди».

28 Кыз чуркап барып, муну энесинин үйүндөгүлөрүнө айтты.

29 Ребеканын Лабан деген бир тууган агасы бар эле. Лабан кудукту көздөй жанагы кишиге чуркап чыкты.

30 Ал карындашынын колуна салынган шакеги менен билериктерин көрүп жана карындашы Ребеканын «Бул киши мени менен ушинтип сүйлөштү» дегенин угуп, ал кишиге келсе, ал кудуктун жанында төөлөрү менен турган экен.

31 Ошондо Лабан ага: «Теңир батасын берген адам, үйгө кир. Эмнеге сыртта турасың? Мен сага үй, төөлөрүңө жай камдап койдум», – деди.

32 Ал киши үйгө кирди. Лабан төөлөрдү жайдактап, алардын алдына жем-чөп салып, ага жана аны менен бирге келгендерге буттарын жууганга суу берди.

33 Анын алдына тамак коюшту, бирок ал: «Өз ишимдин жөнүн айтмайын жебеймин», – деди. Алар: «Айт», – дешти.

34 Ошондо ал: «Мен Ыбрайымдын кулумун.

35 Теңир менин мырзама батасын мол бергендиктен, ал бай адам болду. Ал ага кой да, өгүз да, күмүш да, алтын да, кул да, күң да, төө да, эшек да берди.

36 Мырзамдын аялы Саара картайып калганда, ага уул төрөп берди. Мырзам уулуна өзүндө болгондун баарын берди.

37 Анан мырзам менден: “Уулума мен жашап жаткан жердеги Канаан кыздарынан аял алып бербе,

38 атамдын элине, менин туугандарыма барып, уулума аял алып келесиң”, – деп, ант алды.

39 Мен мырзама: “Эгерде ал кыз мени менен келбесечи?” – десем,

40 ал мага: “Мен табынган Теңир сени менен Өз периштесин жиберип, жолуңду ачат, анан сен менин уулума туугандарымдан, атамдын элинен аял алып келесиң.

41 Сен менин туугандарымдыкына барып келгенден кийин, менин антымдан кутуласың. Эгерде алар беришпесе, анда да антымдан кутуласың”, – деген.

42 Мен бүгүн кудукка келип: “Теңирим, мырзам Ыбрайымдын Кудайы! Эгерде Сен менин жолумду ачкан болсоң,

43 анда мына, мен кудуктун жанында турам. Суу алганы келген кызга: "Кумураңдан кичине суу ичирчи", – дейм.

44 Ошондо ал мага: "Сен да ич, төөлөрүңө да сузуп берейин", – десе, анда мырзамдын уулуна Теңир белгилеп койгон кыз ошол", – дедим.

45 Ичимден Кудайга ушинтип айтып бүтө электе эле, Ребека келди. Анын ийнинде кумурасы бар экен. Ал кудукка келип, суу сузуп алды. Ошондо мен ага: "Мага сууңдан берчи", – дедим.

46 Ал ошол замат кумурасын ийнинен түшүрүп: "Ич, төөлөрүңө да сузуп берейин", – деди. Мага да берди, төөлөрүмдү да сугарды.

47 Мен андан: "Кимдин кызысың?" – деп сурадым. Ал: "Нахор менен Милканын уулу Бетуелдин кызымын", – деп жооп берди. Ошондо мен ага шакек менен билериктерди бердим.

48 Анан мен Теңирге башымды ийип таазим этип, мырзам Ыбрайымдын Кудай-Теңирине алкыш айттым. Ал менин мырзамдын уулуна бир тууганынын кызын алып берүү үчүн, мени түз алып келди.

49 Менин мырзама ырайым жана акыйкаттык кылайын деген оюңар бар же жок экенин мага азыр эле айткыла? Айткыла, анан мен оңго же солго бурулуп кетейин».

50 Ошондо Лабан менен Бетуел: «Бул иш Теңирден. Биз сага жакшы да, жаман да айта албайбыз.

51 Мына, Ребека алдыңда турат. Аны алып, жолго чык. Теңир айткандай, ал мырзаңдын уулунун аялы болсун», – деп жооп беришти.

52 Ыбрайымдын кулу алардын сөзүн укканда, Теңирге жерге чейин башын ийип таазим этти.

53 Анан ал кул алтын-күмүш буюмдарды, кийимдерди алып чыгып, Ребекага берди. Агасы менен энесине да кымбат баалуу белектерди берди.

54 Ошентип, ал жанындагы кишилери менен конок болуп, түнөп калды. Алар эртең менен турушканда, кул аларга: «Эми мени мырзама коё бергиле», – деди.

55 Бирок кыздын бир тууганы менен энеси: «Кызыбыз биз менен, жок дегенде, он чакты күн болсун. Андан кийин жөнөйсүң», – дешти.

56 Бирок ал: «Мени кармабагыла, анткени Теңир менин жолумду ачкан. Мени коё бергиле, мырзама барайын», – деди.

57 Алар: «Кызды чакырып сурайлы, ал эмне дээр экен», – дешти.

58 Ребеканы чакырып, андан: «Бул киши менен барасыңбы?» – деп сурашты. Кыз: «Барам», – деп жооп берди.

59 Ошондо алар өздөрүнүн карындашы Ребеканы, анын эмчек энесин, Ыбрайымдын кулун, анын жанындагы кишилерди коё беришти.

60 Алар Ребекага: «Биздин карындашыбыз! Сенден миң-миңдеген тукум төрөлүп, укум-тукумуң душмандарыңдын турак жайларын ээлесин!» – деп батасын беришти.

61 Анан Ребека жана анын кызматчысы ордуларынан туруп, төөлөргө минип, тиги кишинин артынан жөнөштү. Ошентип, Ыбрайымдын кулу Ребеканы алып, жөнөп кетти.

62 Ыскак болсо Бейир-Лакай-Ройиге келди, анткени ал түштүк жеринде жашап жаткан.

63 Кеч киргенде, Ыскак сыйынганы талаага чыгып, көз чаптырып караса, төөлөр келе жатыптыр.

64 Ребека Ыскакты көрө коюп, төөдөн түшүп, кулдан:

65 «Бизди талаада тосуп келе жаткан ким?» – деп сурады. «Ал менин мырзам», – деп жооп берди кул. Ошондо Ребека чүмбөттү алып, жамына калды.

66 Кул Ыскакка эмне кылганынын баарын айтып берди.

67 Ыскак кызды энеси Сааранын чатырына алып кирди. Ал Ребеканы алды, ал анын аялы болуп калды, ал кызды сүйүп калды. Ошентип, Ыскак энесинин күйүтүнөн соороңду.

**25-БӨЛҮМ**

**Ыбрайымдын Кетурадан төрөлгөн уулдары**

1 Ыбрайым Кетура деген аялды да алды.

2 Ал аялы ага Зимранды, Жокшанды, Мыданды, Мидианды, Ишпакты жана Шубахты төрөп берди.

3 Жокшандан Шеба менен Дедан төрөлдү. Дедандан ашурлар, летуштар, лумдар төрөлдү.

4 Мидиандын уулдары: Эйпа, Эйпер, Ханох, Абида жана Элдаа. Булардын баары – Кетуранын уулдары.

5 Ыбрайым өзүндө болгондун бардыгын Ыскакка берди.

6 Ал эми күң аялдарынан төрөлгөн уулдарына белек берип, уулу Ыскактан бөлүп, көзүнүн тирүүсүндө эле чыгышка, чыгыш жерине жөнөтүп жиберди.

**Ыбрайымдын көз жумушу жана көргө коюлушу**

7 Ыбрайым жүз жетимиш беш жыл жашады.

8 Анан ал көз жумду. Ал бакыбат өмүр сүрүп, абдан карып, өмүргө тоюп, өз элине кошулду.

9 Уулдары Ыскак менен Ысмайыл аны Мамрейдин каршысындагы хеттик Сохар уулу Эпрондун талаасындагы Махпел үңкүрүнө коюшту.

10 Ал талааны Ыбрайым Хеттин уулдарынан сатып алган. Ошентип, ал жерге Ыбрайым менен аялы Саара коюлду.

11 Ыбрайым көз жумгандан кийин, Кудай анын уулу Ыскакка батасын берди. Ыскак Бейир-Лакай-Ройинин жанында жашап турду.

**Ысмайылдын укум-тукуму**

12 Сааранын күңү мисирлик Ажардан төрөлгөн, Ыбрайымдын уулу Ысмайылдын санжырасы мындай:

13 Ысмайылдын уулдарынан тараган урууларды аттары мына булар: Ысмайылдын туну – Ныбайот, андан кийин  Кейдар, Адбаел, Мипсам,

14 Мишма, Дума, Маса,

15 Хадат, Тейма, Жетур, Напиш жана Кедма.

16 Булар – Ысмайылдын уулдары, булар – алардын отурукташкан айыл-кыштактарынын, конуштарынын аттары. Булар – алардын он эки уруусунун башчылары.

17 Ысмайыл жүз отуз жети жыл өмүр сүрүп, көз жумуп, өз элине кошулду.

18 Алар Ашурга бараткан жолдогу, Мисирдин алдындагы Хабиладан тартып Шурга чейинки жерлерде жашашкан. Алар бардык бир туугандарынын жанына отурукташышкан.

**Эйсап менен Жакыптын төрөлүшү**

19 Ыбрайымдын уулу Ыскактын санжырасы мындай: Ыбрайымдан Ыскак төрөлгөн.

20 Ыскак Месопотамиядагы арамейлик Лабандын карындашы, арамейлик Бетуелдин кызы Ребеканы алганда, кырк жашта эле.

21 Ыскак Теңирге өз аялы жөнүндө сыйынды, анткени ал согончогу канабаган аял эле. Теңир аны угуп, аялы Ребеканын боюна бүттү.

22 Курсагында жаткан балдары тепкилеше баштаганда, ал мындай деди: «Эгер мындай боло турган болсо, анда мага жашоонун эмне кереги бар?» Анан Теңирден сураганы кетти.

23 Теңир ага мындай деди: «Курсагыңда эки уруу эл жатат, курсагыңдан эки башка эл чыгат. Бири экинчисинен күчтүү болот, улуусу кичүүсүнө кызмат кылат».

24 Анын төрөр маалы келип төрөгөндө, курсагындагысы эгиз болуп чыкты.

25 Биринчиси теридей түктүү, кызыл болуп төрөлдү. Анын атын Эйсап коюшту.

26 Андан кийин анын бир тууганы чыкты. Ал Эйсаптын согончогун кармай чыкты. Анын атын Жакып коюшту. Алар төрөлгөндө, Ыскак алтымыш жашта эле.

**Эйсаптын өз тунгучтугун сатышы**

27 Балдар чоңоюшту. Эйсап мыкты аңчылык кылган талаа адамы болду. Ал эми Жакып чатырда жашаган, момун адам болду.

28 Ыскак Эйсапты жакшы көрчү, анткени илбээсиндин эти анын табити тарткан тамагы эле. Ребека болсо Жакыпты жакшы көрчү.

29 Жакып тамак бышырды, Эйсап болсо талаадан чарчап келди.

30 Анан Эйсап Жакыпка мындай деди: «Мага кызылынан, мына бул кызылынан жегенге берчи, анткени мен чарчадым». Ушундан улам ал Эдом деген атка конду.

31 Бирок Жакып: «Анда мага азыр тунгучтугуңду сат», – деди.

32 «Ачкадан өлүп баратам, мага тунгучтуктун эмне кереги бар?» – деди Эйсап.

33 Жакып ага: «Азыр эле мага ант бер», – деди. Ошондо Эйсап Жакыпка ант берип, ага өзүнүн тунгучтугун сатты.

34 Ошондон кийин Жакып Эйсапка нан коюп, жасмыктан жасалган тамак берди. Ал жеп-ичип, ордунан туруп кетти. Эйсап өзүнүн тунгучтугун баалаган жок.

**26-БӨЛҮМ**

**Ыскактын Герар жериндеги жашоосу**

1 Ыбрайымдын убагында болгондой эле, жер бетинде дагы ачарчылык болду. Ыскак Пелишти падышасы Абы-Мелекке бармак болуп, Герар жерине жөнөдү.

2 Теңир ага келип, мындай деди: «Мисирге барба, Мен сага айткан жерде жаша.

3 Ошол жерде келгин катары жаша. Мен сени менен болом, сага батамды берем, анткени сага жана сенин тукумуңа ошол жердин баарын берем, Мен сенин атаң Ыбрайымга берген антымды орундатам.

4 Сенин укум-тукумуңду асмандагы жылдыздардай көбөйтөм. Сенин укум-тукумуңа бул жердин баарын берем. Жер жүзүндөгү бардык элдер сенин уругуң аркылуу бата алышат.

5 Анткени Ыбрайым Менин айтканымды угуп, Мен аткар деп осуят кылганды, Менин буйруктарымды, көрсөтмөлөрүмдү, мыйзамдарымды аткарды».

6 Ошентип, Ыскак Герарга отурукташты.

7 Ал жердин тургундары анын аялы жөнүндө сурашканда, ал: «Бул менин карындашым», – деп жооп берди. Ребека үчүн бул жердин тургундары мени өлтүрүп коюшат деп ойлоп, ал аны «менин аялым» деп айткандан коркту, анткени ал сулуу аял эле.

8 Бирок ал жерде көп убакыт жашагандан кийин, Пелишти падышасы Абы-Мелек терезеден Ыскактын өз аялы Ребека менен ойноп жатканын көрдү.

9 Ошондо Абы-Мелек Ыскакты чакырып: «Бул сенин аялың турбайбы, аны “карындашым” деп кантип айттың?» – деди. «Аялым үчүн мени өлтүрүп коюшат деп ойлодум», – деп жооп берди Ыскак.

10 Бирок Абы-Мелек: «Бул эмне кылганың? Эл арасынан бирөө сенин аялыңа жакындап коё жаздады, аз жерден бизди күнөөгө түртүп коё жаздадың», – деди.

11 Анан Абы-Мелек бүт элге буйрук берип, мындай деди: «Ким бул адамга жана анын аялына тийсе, ал өлүм жазасына тартылат».

12 Ыскак ошол жерге арпа сээп, ошол жылы жүз эселеп түшүм алды, анткени Теңир ага ушинтип батасын берди.

13 Ошентип, Ыскак бай адам болду. Анын байлыгы көбөйгөндөн көбөйүп, абдан бай болду.

14 Анын майда жана бодо малы, айдоо жерлери көп болгондуктан, пелиштиликтер көз арта башташты.

15 Атасы Ыбрайымдын көзү тирүүсүндө, атасынын кулдары казган кудуктардын баарын пелиштиликтер уратып, топуракка толтуруп салышты.

16 Абы-Мелек да Ыскакка: «Бизден алыс кет, анткени бизден алда канча күчтүү болуп алдың», – деди.

17 Ошондо Ыскак ал жерден кетип, чатырларын Герар өрөөнүнө тигип, ошол жерде отурукташып калды.

18 Атасы Ыбрайымдын убагында казылып, ал өлгөндөн кийин пелиштиликтер топурак толтуруп салган кудуктарды Ыскак кайрадан казып, аларды атасы атаган аттар менен атады.

19 Ыскактын кулдары өрөөндү казып жатып, ал жерден суусу бар кудук табышты.

20 Ошондо Герардын койчулары менен Ыскактын койчулары: «Бул биздин суу», – деп талашышкандыктан, ал анын атын Эйсек деп атады.

21 Дагы бир кудук казышты. Ал тууралуу да талашышкандыктан, ал анын атын Ситна деп атады.

22 Ошондо ал бул жерден кетип, башка кудук казды. Ал тууралуу талаш болгон жок. Ошондо ал: «Эми Теңир бизге кенен жер берди, биз эми жер бетинде көбөйө баштайбыз», – деп, ал кудукту Рехобот деп атады.

23 Ал жерден ал Бейер-Шебага көчтү.

24 Ошол түнү Теңир ага келип, мындай деди: «Мен сенин атаң Ыбрайымдын Кудайымын. Коркпогун, анткени Мен сени мененмин. Кулум Ыбрайым үчүн сага батамды берип, сенин тукумуңду көбөйтөм».

25 Ошондо Ыскак ошол жерге курмандык чалынуучу жай куруп, Теңирдин атын чакырды. Ошол жерге чатырын тикти. Кулдары ошол жерге кудук казышты.

**Ыскактын Абы-Мелек менен келишим түзүшү**

26 Ага Герардан Абы-Мелек өзүнүн досу Акузат жана аскер башчысы Пихол менен келди.

27 Ыскак аларга: «Силер мени жек көрүп, өзүңөрдүн араңардан кууп жибергенден кийин, мага эмнеге келдиңер?» – деди.

28 «Теңир сени менен экенин ачык көрдүк, ошон үчүн биз сени менен анттašып, келишим түзөлү.

29 Анткени биз сага тийбей, жакшылык гана кылып, сени тынчтык менен коё бергендей эле, сен да бизге жамандык кылба. Сен азыр Теңирдин батасына ээсиң», – дешти алар.

30 Ыскак алар үчүн той өткөрдү. Алар ичип-жешти.

31 Эртеси эртең менен эрте туруп, алар бири-бирине ант беришти. Ыскак аларды коё берди, алар аныкынан тынчтык менен жөнөп кетишти.

32 Ошол эле күнү Ыскактын кулдары келип, өздөрү казган кудук тууралуу: «Биз суу таптык», – деп кабарлашты.

33 Ыскак ал кудукту Шеба деп атады. Ошондуктан ушул күнгө чейин ал шаардын аты Бейер-Шеба деп аталат.

**Эйсаптын аялдары**

34 Эйсап кырк жашка чыкканда, хеттик Бейердин кызы Жейудитти жана хеттик Эйлондун кызы Басыматты аялдыкка алды.

35 Алар Ыскак менен Ребеканын башына түшкөн кайгы болду.

**27-БӨЛҮМ**

**Ыскактын Жакыпка бата бериши**

1 Ыскак картайып, көзү начарлап калганда, тун уулу Эйсапты чакырып: «Уулум!» – деди. Ал ага: «Мына мен», – деди.

2 Ыскак уулуна мындай деди: «Мен эми картайып калдым, качан өлөрүмдү билбейм.

3 Сен азыр куралдарыңды, саадагыңды, жааңды алып, талаага барып, мага илбээсин атып кел.

4 Мен жакшы көргөн тамакты бышырып, алдыма алып кел. Өлөрдөн мурун сага батамды берейин».

5 Ыскак уулу Эйсапка ушул сөздөрдү айтып жатканда, Ребека угуп турган эле. Эйсап талаага илбээсин атып келгени жөнөп кетти.

6 Ребека болсо уулу Жакыпка: «Мен азыр бир тууганың Эйсапка атаңдын:

7 “Илбээсин атып келип, мага тамак бышырып бер. Мен аны жеп, өлөр алдымда Теңир алдында сага батамды берейин”, – дегенин уктум.

8 Эми, уулум, сага айта турган сөзүмө кулак салып, айтканымды аткар.

9 Жайытка барып, эки жакшы улак алып кел. Мен алардын этинен атаңа жакшы көргөн тамагын жасап берейин.

10 Аны атаңа алып бар, ал жеп, өлөр алдында сага батасын берсин», – деди.

11 Жакып апасы Ребекага: «Бир тууганым Эйсап түктүү, мен болсо түксүзмүн.

12 Атам мени сыйпалап көрсө, мен анын алдында алдамчы болуп, бата ордуна каргыш алып калбайын», – деди.

13 Апасы уулуна: «Уулум, сага тие турган каргыш мага тийсин. Менин сөзүмдү гана угуп, айтканымды алып кел», – деди.

14 Ал барып, апасына айтканын алып келди. Апасы анын атасына жакшы көргөн тамагын жасап берди.

15 Анан Ребека үйүнөн тун баласы Эйсаптын жакшы кийимдерин алып, кенже уулу Жакыпка кийгизди.

16 Ал эми колдору менен мойнун улактардын териси менен ороп койду.

17 Анан өзү жасаган тамак менен нанды уулу Жакыптын колуна берди.

18 Ал атасына кирип: «Ата!» – деди. Атасы: «Мына мен, сен кимсиң, уулум?» – деди.

19 Жакып атасына: «Мен тун уулуң Эйсапмын. Айтканыңды аткардым. Өйдө болуп отуруп, мен алып келген илбээсиндин этинен же, анан мага батаңды бер», – деди.

20 Ошондо Ыскак уулунан: «Кантип бат эле таап келе койдуң, уулум?» – деп сурады. Ал ага: «Сенин Кудай-Теңириң Өзү алдыман чыгарды», – деп жооп берди.

21 Анан Ыскак Жакыпка: «Жакын келчи, уулум, мен сени сыйпалап көрөйүн, сен уулум Эйсапсыңбы же ал эмессиңби?» – деди.

22 Жакып атасы Ыскакка жакын келди. Ал аны сыйпалап көрүп: «Үнү – Жакыптын үнү. Колу – Эйсаптын колу», – деди.

23 Ошентип, ал аны тааныган жок, анткени анын колдору бир тууганы Эйсаптыкындай түктүү эле. Анан ага батасын берди.

24 Ал дагы бир жолу: «Эйсап, бул сенсиңби?» – деп сурады. Жакып болсо: «Ооба, менмин», – деп жооп берди.

25 Ошондо Ыскак ага: «Алып бер, мен уулум алып келген илбээсиндин этинен жеп, ага батамды берейин», – деди. Жакып ага тамакты алып берди, ал жеди. Ал шарап да алып келди, ал аны да ичти.

26 Анан атасы Ыскак ага: «Уулум, жакын келип, мени өпчү», – деди.

27 Ал ага жакын барып, аны өптү. Ошондо Ыскак анын кийиминин жытын сезип, ага мындай деп батасын берди: «Бул – Теңир батасын берген талаанын жытындай болгон уулумдун жыты.

28 Кудай сага асман шүүдүрүмүн, жердин семизин берсин, нан менен шарапты мол берсин.

29 Элдер сага кызмат кылышсын, уруулар сага баш ийип таазим этишсин. Бир туугандарыңдын төрөсү бол, энеңдин уулдары сага баш ийип таазим этишсин. Сени каргагандар каргышка калышсын, алкагандар бата алышсын».

**Эйсаптын бата сурашы**

30 Ыскак Жакыпка батасын берип бүткөндөн кийин, Жакып атасы Ыскактын алдынан чыгып кетери менен, бир тууганы Эйсап аңчылыктан келди.

31 Ал да атасына тамак бышырып алып келип: «Тур, ата, уулуң алып келген илбээсиндин этинен же, анан мага батаңды бересиң», – деди.

32 Атасы Ыскак андан: «Сен кимсиң?» – деп сурады. Ал: «Мен тун уулуң Эйсапмын», – деп жооп берди.

33 Ошондо Ыскак аябай коркуп, калтырап кетип, мындай деди: «Сен келерден мурда мага илбээсиндин этин алып келген ким эле? Сен келгиче, мен анын бардык тамагынан жеп, ага батамды бердим, эми ал баталуу болот».

34 Эйсап атасынын сөздөрүн укканда, боздоп ыйлап жиберди. Анан: «Ата! Мага да батаңды бер», – деди.

35 Бирок ал: «Бир тууганың куулук менен келип, сенин батаңды алып кетти», – деди.

36 Ошондо Эйсап: «Ага Жакып деген ат бекеринен коюлган эмес тура, анткени ал мени эки жолу алдап кетти. Ал менин тунгучтугумду алды, эми менин батамды да алды», – деди. Анан ал атасынан: «Кантип эле сен мага батаңдан калтырган жоксуң?» – деп, дагы сурады.

37 Ыскак Эйсапка: «Мен аны сенин мырзаң кылдым, бардык бир туугандарыңды да ага кулчулукка бердим. Нан менен шарапты мол бердим. Эми сага эмне кыла алам, уулум?» – деп жооп берди.

38 Бирок Эйсап атасына: «Ата, кантип эле сенин бир эле батаң болсун? Мага да батаңды бер, ата!» – деп, озондоп ыйлады.

39 Ошондо атасы Ыскак ага мындай деп жооп берди: «Сен семиз жерде, асман шүүдүрүмү менен сугарылган жерде жашайсың.

40 Кылычың менен жашап, бир тууганыңа кызмат кыласың, бирок ага каршы чыгып, мойнуңдан анын моюнтуругун алып таштай турган мезгил да келет».

41 Ошондо Эйсап атасы берген бата үчүн Жакыпты жек көрүп калды. Анан Эйсап ичинен: «Атамды жоктоп ыйлай турган күндөр жакындап калды. Ошондон кийин бир тууганым Жакыпты өлтүрөм», – деди.

42 Ребекага тун уулу Эйсаптын сөздөрүн айтып келишти. Ошондо ал киши жиберип, кичүү уулу Жакыпты чакыртып: «Сени бир тууганың Эйсап өлтүргөнү жатат.

43 Эми, уулум, менин сөзүмдү угуп, ордуңан тургун да, Харандагы менин бир тууганым Лабандыкына кач.

44 Бир тууганыңдын ачуусу тараганча, аныкында бир аз жашай тур.

45 Бир тууганыңдын сага болгон ачуусу тарап, ага кылгандарыңды унутсун. Анан мен киши жиберип, ал жактан сени алдырып алам. Бир күндүн ичинде экөөңөн тең ажырап калгым келбейт», – деди.

**Жакыптын Месопотамияга кетиши**

46 Анан Ребека Ыскакка: «Хет кыздарынан улам мен жашоого ыраазы эмесмин. Эгерде Жакып да бул жердин кыздарынан, Хеттин ушундай кыздарынан аял алса, анда мен жашап эмне кылам?» – деди.

**28-БӨЛҮМ**

1 Ошондо Ыскак Жакыпты чакырып, ага батасын берип, мындай деп осуят кылды: «Канаан кыздарынан аял алба.

2 Ордуңан туруп, Месопотамияга, апаңдын атасы Бетуелдин үйүнө бар, ал жерден апаңдын бир тууганы Лабандын кыздарынан аял ал.

3 Кудуреттүү Кудай сага батасын берсин, сени укум-тукумдуу кылсын, сенден көптөгөн элдер тарасын.

4 Кудай Ыбрайымга берген батасын сага да, сенин укум-тукумуңа да берсин. Кудай Ыбрайымга берген, азыр сен жашап жаткан жерди мураска ал».

5 Ошентип, Ыскак Жакыпты коё берди. Ал Месопотамияга, Жакып менен Эйсаптын энеси Ребеканын бир тууганы арамейлик Бетуелдин уулу Лабандыкына жөнөп кетти.

**Эйсаптын аялы – Махалат**

6 Эйсап Ыскактын Жакыпка бата бергенин, аны Месопотамияга жөнөтүп жатып: «Ошол жерден аял ал, Канаан кыздарынан алба», – деп осуяттаганын,

7 Жакып атасы менен апасынын тилин алып, Месопотамияга жөнөп кеткенин көрдү.

8 Эйсап ошондой эле Канаан кыздары атасы Ыскакка жакпаганын көрүп,

9 Ысмайылга барып, Ыбрайымдын уулу Ысмайылдын кызы Махалатты, Ныбайоттун карындашын, эки аялынын үстүнө аялдыкка алды.

**Жакыптын түшү**

10 Жакып болсо Бейер-Шебадан чыгып, Харанга жөнөдү.

11 Анан ал бир жерге келип, ошол жерге түнөмөкчү болду, анткени күн батып калган эле. Ошол жердин таштарынан бирди алып, башына жаздап, ошол жерге жатты.

12 Ал уктап жатып, түшүндө жерде тепкич турганын көрдү. Тепкичтин башы асманга тийип туруптур. Кудайдын периштелери тепкич менен түшүп-чыгып жаткан экен.

13 Теңир тепкичтин үстүндө туруп: «Мен Теңирмин, атаң Ыбрайым менен Ыскактын Кудайымын. Сен жаткан жерди Мен сага жана сенин укум-тукумуңа берем,

14 сенин укум-тукумуң жер кумундай болот. Деңиз тарапка, чыгышка, түндүккө, түштүккө тарайсың. Сен аркылуу, сенин уругуң аркылуу жер бетиндеги бардык уруулар бата алышат.

15 Эми Мен сени мененмин. Сен кайда барбагын, бардык жерде сени сактаймын жана сени бул жерге кайра алып келемин. Мен айткандарымды орундатмайынча, сени таштабаймын», – деди.

16 Жакып ойгонуп: «Чын эле, Теңир бул жерде экен, мен болсо муну билген эмесмин!» – деди.

17 Анан коркуп кетип: «Бул жер өтө коркунучтуу экен. Бул жер жөнөкөй жер эмес, Кудайдын үйү, асман дарбазасы турбайбы!» – деди.

18 Жакып эртең менен эрте туруп, башына жазданган ташты алып, аны эстелик кылып коюп, үстүнө зайтун майын куйду.

19 Анан ал жерди Бейтел деп атады. Ал эми шаардын мурунку аты Луз эле.

20 Ошондо Жакып мындай деп убада берди: «Эгерде Кудай мени менен болсо, бара жаткан ушул жолдо мени сактай турган болсо, мага жей турган нан, кие турган кийим берсе,

21 атамдын үйүнө тынчтык менен кайтсам жана Теңир менин Кудайым болсо,

22 анда мен эстелик кылып койгон мына бул таш Кудайдын үйү болот. О, Кудайым, ошондо мен Сага Сен берген бардык нерсенин ондон бир бөлүгүн берем».

## 29-БӨЛҮМ

**Жакыптын Рахел менен кездешүүсү**

1 Анан Жакып ордунан туруп, чыгыш уулдарынын жерине кетти.

2 Ал талаадан кудук көрдү, анын жанында үч короо кой жаткан эле, анткени малды ошол кудуктан сугарышчу. Кудуктун оозунда чоң таш бар эле.

3 Малдын баары ошол жерге чогулганда, кудуктун оозундагы ташты жылдырып, койлорду сугарышчу. Анан ташты кайрадан өз ордуна, кудуктун оозуна жылдырып коюшчу.

4 Жакып алардан: «Бир туугандарым! Силер кайдансыңар?» – деп сурады. Алар: «Биз Харанданбыз», – деп жооп беришти.

5 Ошондо Жакып алардан: «Силер Нахордун уулу Лабанды тааныйсыңарбы?» – деп сурады. Алар: «Тааныйбыз», – дешти.

6 Ал алардан дагы: «Ал аман-эсен жүрөбү?» – деп сурады. Алар: «Аман-эсен жүрөт. Тигине, кызы Рахел койлорун айдап келе жатат», – деп жооп беришти.

7 Жакып аларга: «Күн батканча көп бар. Малды айдап келер маал боло элек. Койлорду сугарып алып, жайганы кеткиле», – деди.

8 «Бардык малды чогултмайынча, кудуктун оозундагы ташты жылдырышмайынча, койлорду сугара албайбыз», – дешти алар.

9 Жакып алар менен сүйлөшүп турганда, Рахел атасынын майда малын айдап келип калды, анткени ал кой кайтарып жүргөн эле.

10 Жакып таякеси Лабандын кызы Рахелди жана анын койлорун көргөндө, жакын келип, кудуктун оозунан ташты жылдырып, таякесинин койлорун сугарды.

11 Анан Жакып Рахелди өөп, өксөп ыйлап жиберди.

12 Ошондо Жакып Рахелге анын атасынын тууганы экенин, Ребеканын уулу экенин айтты. Рахел болсо чуркап барып, атасына айтты.

13 Лабан карындашынын баласы Жакып жөнүндө угуп, анын алдынан чуркап чыгып, кучактап өөп, өз үйүнө киргизди. Анан Жакып Лабанга болгон окуяны айтып берди.

14 Лабан болсо ага: «Чынында эле, сен менин өз сөөгүм, өз канымсың», – деди. Жакып аныкында толук бир ай турду.

**Жакыптын Рахел жана Лея үчүн кызмат өтөшү**

15 Анан Лабан Жакыпка мындай деди: «Сен тууган болгонуң үчүн эле мага бекер кызмат кылышың керекпи? Айтчы, акыңа эмне берейин?»

16 Лабандын эки кызы бар эле. Улуусунун аты – Лея, кичүүсүнүн аты – Рахел.

17 Леянын көзү начар көрчү, ал эми Рахелдин мүчөсү келишимдүү, өңү татынакай эле.

18 Жакып Рахелди сүйүп калып: «Мен кенже кызың Рахел үчүн сага жети жыл кызмат кылам», – деди.

19 Лабан ага: «Аны бөлөк бирөөгө бергенден көрө сага бергеним жакшы. Меникинде жашай бер», – деди.

20 Ошентип, Жакып Рахел үчүн жети жыл кызмат кылды. Ал аны сүйгөндүктөн, бул жылдар ага бир нече күндөй эле көрүндү.

21 Анан Жакып Лабанга: «Эми аялымды бер, анткени ага жакындаганга менин убактым келди», – деди.

22 Лабан ал жерде жашаган адамдардын бардыгын чакырып, той өткөрдү.

23 Кечинде ал кызы Леяны Жакыпка алып келди. Жакып ага жакындады.

24 Лабан өз күңү Зилпаны кызы Леяга кызматчы кылып берди.

25 Эртең менен ал Лея болуп чыкты. Ошондо Жакып Лабанга: «Бул эмне кылганың? Мен сага Рахел үчүн кызмат кылбадым беле? Мени эмнеге алдадың?» – деди.

26 Лабан ага: «Биздин жерде улуусунан мурда кичүүсүн күйөөгө бербейт.

27 Бул жуманы аякта. Андан кийин сага тигинисин да беребиз, сен ал үчүн дагы жети жыл меникинде кызмат кыласың», – деди.

28 Жакып ошондой кылды, бир жуманы аяктады. Анан Лабан кызы Рахелди да ага аялдыкка берди.

29 Лабан өз күңү Биланы кызы Рахелге кызматчы кылып берди.

30 Жакып Рахелге да жакындады. Ал Леяга караганда Рахелди көбүрөөк сүйчү. Лабандыкында ал дагы жети жыл кызмат кылды.

**Жакыптын балдары**

31 Анын Леяны сүйбөгөнүн көрүп, Теңир Леяны балалуу кылды. Ал эми Рахелдин согончогу канаган жок.

32 Леянын боюна бүтүп, уул төрөп: «Теңир менин бактысыздыгыма назарын салды, эми күйөөм мени жакшы көрөт», – деп, анын атын Рубейин койду.

33 Дагы боюна бүтүп, уул төрөп: «Мен анын сүйбөгөн аялы экенимди Теңир угуп, мага муну да берди», – деп, анын атын Шымон койду.

34 Дагы боюна бүтүп, уул төрөп: «Мына эми күйөөм мага жабышат, анткени мен ага үч уул төрөп бердим», – деп, анын атын Леби койду.

35 Анан дагы боюна бүтүп, уул төрөп: «Мына эми мен Теңиримди даңктайм», – деп, анын атын Жүйүт койду. Ошондон кийин анын төрөтү токтоду.

**30-БӨЛҮМ**

1 Рахел өзүнүн Жакыпка бала төрөп бербей жатканын көрүп, эжесине көз артып, Жакыпка: «Мага бала бер, болбосо мен өлөм», – деди.

2 Жакып Рахелге ачууланып: «Сага бала бербеген Кудай менминби?» – деди.

3 Рахел ага: «Менин кызматчым Билага жакында, ал менин тиземе төрөп берсин, ал аркылуу мен да балалуу болоюн», – деди.

4 Ошентип, ал өзүнүн кызматчысы Биланы ага аялдыкка берди. Жакып ага жакындады.

5 Биланын боюна бүтүп, Жакыпка уул төрөп берди.

6 Ошондо Рахел: «Кудай мага калыстык кылып, менин үнүмдү угуп, уул берди», – деп, анын атын Дан койду.

7 Рахелдин кызматчысы Биланын дагы боюна бүтүп, Жакыпка экинчи уулун төрөп берди.

8 Ошондо Рахел: «Эжем менен катуу кармашып, жеңип чыктым», – деп, анын атын Напталы койду.

9 Лея өзүнүн төрөтү токтоп калганын көрүп, өз кызматчысы Зилпаны Жакыпка аялдыкка берди.

10 Леянын кызматчысы Зилпа да Жакыпка уул төрөп берди.

11 Ошондо Лея: «Баш кошулду», – деп, анын атын Гат койду.

12 Леянын кызматчысы Зилпа Жакыпка экинчи уулун төрөп берди.

13 Ошондо Лея: «Бул менин багыма. Эми аялдар мени бактылуу дешет», – деп, анын атын Ашыр койду.

14 Рубейин буудайды оруп-жыюу маалында талаага чыгып, мандрагор таап алып, энеси Леяга берди. Ошондо Рахел Леяга: «Уулуң алып келген мандрагорлорду мага берчи», – деди.

15 Бирок Лея ага: «Күйөөмдү тартып алганың аз келгенсип, уулум алып келген мандрагорлорду да тартып алгың келип жатабы?» – деди. Рахел ага: «Андай болсо уулуңдун мандрагорлору үчүн Жакып бүгүн түнү сени менен жатсын», – деди.

16 Жакып кечинде талаадан келе жатканда, Лея алдынан тосуп чыгып: «Меникине кир, анткени мен сени уулумдун мандрагорлоруна сатып алдым», – деди. Бул түнү Жакып Лея менен жатты.

17 Ошондо Кудай Леяны укту. Анын боюна бүтүп, Жакыпка бешинчи уулун төрөп берди.

18 Анан Лея: «Кызматчымды күйөөмө бергеним үчүн Кудай мага тиешемди берди», – деп, анын атын Исахар койду.

19 Леянын дагы боюна бүтүп, Жакыпка алтынчы уулун төрөп берди.

20 Ошондо Лея: «Кудай мага эң сонун белек берди. Эми күйөөм меникинде жашайт, анткени мен ага алты уул төрөп бердим», – деп, анын атын Забулун койду.

21 Андан кийин кыз төрөп, анын атын Дина койду.

22 Кудай Рахелди эстеди. Кудай анын үнүн угуп, аны балалуу кылды.

23 Рахелдин боюна бүтүп, уул төрөп: «Кудай мени шылдыңдан арылтты», – деди.

24 Ал: «Теңир мага дагы башка уул берет», – деп, анын атын Жусуп койду.

**Жакып менен Лабандын ортосундагы келишим**

25 Рахел Жусупту төрөгөндөн кийин, Жакып Лабанга мындай деди: «Эми мени коё бер, мен өз ордума, өз жериме барайын.

26 Мага аялдарым менен балдарымды бер, мен алар үчүн сага кызмат кылдым. Эми мен кетейин, анткени сен менин сага кылган кызматымды билесиң».

27 Ошондо Лабан: «О, мен сенин алдыңда ырайым тапсам кана! Теңир мага сен үчүн бата бергенин билип турам», – деди.

28 Анан дагы: «Кызмат акыңды айт, эмне сурасаң, ошону берейин», – деди.

29 Жакып ага: «Мен сага кандай кызмат кылганымды, менин убагымда малың кандай көбөйгөнүн билесиң.

30 Мага чейин сенин малың аз эле, азыр көп болуп калды. Мен келгенден тартып, Теңир сага батасын берди. Эми мен качан өз үйүм үчүн иштейм?» – деди.

31 Ошондо Лабан: «Сага эмне берейин?» – деди. «Мага эч нерсе бербей эле кой. Менин айтканымды гана кылсаң, сенин койлоруңду кайрадан кайтарам.

32 Мен бүгүн койлоруңдун баарын аралап чыгам. Сен андан темгили бар, тагы бар малдын баарын, кара койлорду, ошондой эле темгили бар, тагы бар эчкилерди бөлүп кой. Ушундай мал менин кызмат акым болсун.

33 Кийин сен менин кызмат акымды көргөнү келгениңде, сага менин ордума адилеттигим айтып турсун. Мендеги темгили жок, тагы жок ар кандай эчкилер жана кара эмес койлор уурдалган болуп эсептелет», – деди Жакып.

34 «Жакшы болот, сен айткандай болсун», – деди Лабан.

35 Ошентип, Лабан ошол күнү бардык ала-була, тагы бар текелерди, темгили бар, тагы бар эчкилерди, бир аз агы бар эчки-текелердин баарын, кара койлорду бөлүп алып, өзүнүн уулдарынын колуна өткөрүп берди.

36 Анан ал өзү менен Жакыптын ортосуна үч күн жол жүрчү аралыкты белгиледи. Жакып болсо Лабандын калган кой-эчкилерин кайтарып калды.

37 Жакып жаш тал, бадам, чынар чырпыктарын алып, алардын кабыгын тилке-тилке кылып кесип, кесилген жерлерди агарта аарчыды.

38 Анан тилке салынган чыбыктарды малдын алдына, суу куюлуучу аштоолорго таштап койду. Ал жерге мал суу ичкени келчү. Алар ал жерге суу ичкени келип, чыбыктардын бет маңдайында уруктанышчу.

39 Ошентип, чыбыктардын бет маңдайында уруктанган малдан ала-була, темгили, тагы бар мал туулду.

40 Ошондо Жакып козуларды бөлүп алып, алардын бет маңдайына Лабандын ала-була жана кара койлорун койду. Ал өз малын өзүнчө кармап, Лабандын малына кошчу эмес.

41 Тыңыраак мал уруктанарда, чыбыктардын бет маңдайында уруктанышы үчүн, Жакып чыбыктарды малдын алдына, аштоолордун ичине таштап койчу.

42 Ал эми чабыр мал уруктанарда, чыбыктарды таштачу эмес. Ошондуктан Лабанга чабыр мал, Жакыпка тың мал тийип турду.

43 Ошентип, Жакып өтө бай адам болду. Анын көптөгөн майда малы, күңдөрү, кулдары, төөлөрү, эшектери болгон.

**31-БӨЛҮМ**

**Жакыптын качышы**

1 Ошондо Жакып Лабандын уулдарынын мындай сөздөрүн укту: «Жакып биздин атабыздын бардык нерсесин ээлеп алды, ал ушул байлыктын баарын атабыздын мал-мүлкүнөн жыйып алды».

2 Жакып Лабандын жүзүн караса, ал аны мурдагыдай карабай калыптыр.

3 Ошондо Теңир Жакыпка: «Ата-бабаларыңдын жерине, өзүңдүн мекениңе кайт. Мен сени менен боломун», – деди.

4 Жакып киши жиберип, Рахел менен Леяны талаага, койлорунун жанына чакыртып алды.

5 Жакып аларга: «Мен атаңардын мурдагыдай карабай калганын көрүп турам. Бирок атамдын Кудайы мени менен болду.

6 Силер менин атаңарга бүт күчүм менен кызмат кылганымды билесиңер.

7 Атаңар болсо мени алдап, кызмат акымды он жолу алмаштырды. Бирок анын мага жамандык кылуусуна Кудай жол берген жок.

8 Ал мага "Темгилдүү мал сенин кызмат акың болот" дегенде, малдын баары темгил тууду. Ал эми "Сенин кызмат акың ала-була мал болот" дегенде, малдын баары ала-була тууду.

9 Ошентип, Кудай малды атаңардан тартып алып, мага берди.

10 Бир жолу куут маалында, түшүмдө кууган текелердин баары ала-була, темгили, тактары бар текелер экенин көрдүм.

11 Кудайдын периштеси түшүмдө мага: "Жакып!" – деди. Мен: "Мына мен", – дедим.

12 Ал мага: "Башыңды көтөрүп карачы, кууган текелердин баары – ала-була, темгили, тактары бар текелер, анткени Мен Лабандын сага эмне кылып жатканын көрүп турам.

13 Мен сага Бейтелде келген Кудаймын, ошол жерде сен эстеликтин үстүнө зайтун майын куюп, ошол жерде Мага убада бергенсиң. Эми ордуңан туруп, бул жерден чыгып, өз мекениңе кайт", – деди».

14 Рахел менен Лея ага: «Атабыздын бизге бергидей, энчи, мурасы бар беле?

15 Ал бизди бөтөн катары санайт. Анткени ал бизди сатты, атүгүл, күмүшүбүздү да жеп койду.

16 Кудай атабыздан тартып алган байлыктын баары биздики жана балдарыбыздыкы. Ошондуктан Кудай сага айткандын бардыгын кыл», – дешти.

17 Ошондо Жакып ордунан туруп, балдары менен аялдарын төөлөргө мингизди.

18 Анан Месопотамиядан тапкан өзүнүн бардык мал-мүлкүн алып, Канаан жерине, атасы Ыскакка жөнөп кетти.

19 Лабан малын кыркканы кетери менен, Рахел атасынын жасалма кудайларын уурдап алды.

20 Жакып болсо арамейлик Лабанга өзүнүн кетерин айтпай, аны алдап кетти.

21 Ошентип, ал өзүнүн бардык мал-мүлкүн алып, дарыядан өтүп, Гилат тоосун карай бет алды.

**Лабандын Жакыптын артынан куушу**

22 Жакыптын кеткендигин Лабанга үчүнчү күнү айтышты.

23 Ошондо ал жанына туугандарын алып, жети күн бою кууп жүрүп отуруп, ага Гилат тоосуна келгенде жетти.

24 Кудай арамейлик Лабанга түн ичинде түшүндө келип: «Байкагын, Жакыпка жаман да, жакшы да айтпа», – деди.

25 Лабан Жакыпты кууп жетти. Жакып болсо чатырын тоого тигип алган эле. Лабан да туугандары менен чатырын Гилат тоосуна тикти.

26 Ошондо Лабан Жакыпка: «Бул эмне кылганың? Эмне үчүн мени алдадың, кыздарымды туткунга түшкөндөрдөй кылып алып кеттиң?

27 Эмне үчүн жашыруун качтың? Эмне үчүн менден жашындың? Эмне үчүн мага айткан жоксуң? Мен сени той-тамаша өткөрүп, ыр ырдап, дап кагып, гусли чертип узатпайт белем?

28 Атүгүл, неберелерим менен кыздарымдын бетинен өптүргөн жоксуң. Сен ойлонбой иш кылдың.

29 Силерге жамандык кылууга күчүм жетет, бирок атаңардын Кудайы кечээ мага: "Байкагын, Жакыпка жакшы да, жаман да айтпа", – деди.

30 Кете берсең мейли эле, анткени атаңдыкында болууну абдан каалаптырсың, бирок эмне үчүн менин кудайларымды уурдап кеттиң?» – деди.

31 Жакып Лабанга мындай деп жооп берди: «Кыздарыңды менден тартып аласың го деп корктум.

32 Кудайларыңды кимден тапсаң, ал тирүү калбасын! Туугандарыбыздын көзүнчө меникинен издеп таап ал». Аларды Рахел уурдап алганын Жакып билген эмес эле.

33 Ошондо Лабан Жакыптын, Леянын, эки күңдүн чатырларына кирип, издеп таба албады. Анан Леянын чатырынан чыгып, Рахелдикине кирди.

34 Рахел болсо жасалма кудайларды төөнүн чомунун астына катып, өзү үстүнө отуруп алган эле. Лабан чатырды бүт аңтарып, таба албады.

35 Рахел атасына: «Мырзам менин тура албаганыма ачууланбаса экен, анткени менде аялдарга мүнөздүү нерсе болуп жатат», – деди. Ал издеп-издеп, жасалма кудайларын таба албады.

36 Жакып ачууланып, Лабан менен айтыша кетти. Ал Лабанга мындай деди: «Менин артыман кууп келгидей, айыбым кайсы, күнөөм кайсы?

37 Менин буюмдарымдын баарын карап чыктың, өзүңдүн кайсы буюмуңду таптың? Ушул жерде менин туугандарым менен өз туугандарыңдын алдында көрсөт. Алар экөөбүздүн ортобузда калыстык кылышсын.

38 Сага жыйырма жыл иштеп бердим, кой-эчкилериң бала салган жок, короондогу койлоруңдан жеген жокмун.

39 Жырткыч жара тарткандарын алып келген эмесмин, алар менин чыгашам эле. Күндүз жоголсо да, түндө жоголсо да, сен менден төлөтүп алып турдуң.

40 Күндүз ысыктан, түнкүсүн сууктан жапа чегип кыйналдым, түн уйкумдан калдым.

41 Менин жыйырма жылым сенин үйүңдө ушинтип өттү. Мен сенин эки кызың үчүн сага он төрт жыл, малың үчүн алты жыл кызмат кылдым. Сен болсо менин кызмат акымды он жолу алмаштырдың.

42 Эгерде атам Ыбрайымдын Кудайы жана Ыскактын Коркунучу мени менен болбогондо, сен мени азыр да эч нерсе бербей, куру кол коё бермексиң. Кудай менин кайгымды жана маңдай тер, таман акымды көрүп, кечээ менин таламымды талашты».

43 Ошондо Лабан Жакыпка мындай деп жооп берди: «Кыздар – менин кыздарым. Балдар – менин балдарым. Мал – менин малым. Сен көрүп тургандын баары меники. Мен кыздарыма жана алар төрөгөн балдарга эми бир нерсе кылмак белем?

**Жакыптын Лабан менен келишим түзүшү**

44 Азыр экөөбүз келишим түзөлү, ал сен экөөбүздүн ортобузда күбө болсун».

45 Жакып таш алып, аны эстелик кылып койду.

46 Анан Жакып өзүнүн туугандарына: «Таш жыйнагыла», – деди. Алар таш жыйнап, дөбө кылып үйүштү да, ошол дөбөгө отуруп алып тамактанышты.

47 Лабан аны «Жыгар-Саадут» (Күбө дөбө) деп, Жакып болсо аны Гилат деп атады.

48 Анан Лабан: «Бүгүндөн баштап бул таш дөбө экөөбүздүн ортобузда күбө болот», – деди. Ошондуктан ал жерди Гилат деп аташты.

49 Ал дөбө Миспа деп да аталат, анткени Лабан: «Сен экөөбүз бири-бирибизден бөлүнүп кеткенден кийин, Теңир менин үстүмөн да, сенин үстүңөн да көз салып турсун.

50 Эгерде кыздарыма жаман мамиле кыла турган болсоң же кыздарымдын үстүнө аял ала турган болсоң, байкагын, экөөбүздүн ортобузда күбө болчу адам жок, бирок ортобузда Кудай күбө», – деди.

51 Ошентип, Лабан Жакыпка: «Мына бул дөбө менен мен койгон эстелик экөөбүзгө күбө болот.

52 Бул дөбө менен бул эстелик күбө: жамандык кылыш үчүн, бул дөбө менен бул эстеликтен сен тарапка мен өтпөйм, мен тарапка сен өтпөйсүң.

53 Ыбрайымдын Кудайы, Нахордун Кудайы, алардын ата-бабаларынын Кудайы ортобузда калыс болсун», – деди. Жакып атасы Ыскактын Коркунучу менен ант берди.

54 Анан Жакып тоодо курмандык чалып, туугандарын тамакка чакырды. Алар тамактанып, тоодо түнөп калышты.

55 Лабан эртеси эртең менен эрте туруп, неберелери менен кыздарын өөп, аларга батасын берип жөнөп кетти. Ошентип, Лабан өз жерине кайтып келди.

**32-БӨЛҮМ**

**Жакыптын Эйсап менен жолугушууга даярданышы**

1 Жакып болсо өз жолу менен кетти. Жолдо ага Кудайдын периштелери жолукту.

2 Жакып аларды көрүп: «Кудайдын аскерлери», – деди. Анан ал жерди Маханайим деп атады.

3 Жакып өзүнөн мурун Эдом аймагына, Сеир жериндеги бир тууганы Эйсапка кабарчыларын жөнөттү.

4 Аларга мындай буйрук берди: «Мырзам Эйсапка кулуң Жакып мындай дейт дегиле: “Мен Лабандыкында бүгүнкү күнгө чейин жашап турдум.

5 Менин өгүздөрүм, эшектерим, майда малым, кулдарым, күңдөрүм бар. Мен сенин алдыңда ырайым табуу үчүн, өзүм жөнүндө мырзама кабарлап коюуга киши жибердим”».

6 Кабарчылар Жакыпка кайра келип: «Биз бир тууганың Эйсапка бардык. Ал сени тосуп келе жатат, жанында төрт жүз адам бар», – деп айтышты.

7 Жакып абдан коркуп, тынчы кетти. Ал өзүнүн адамдарын, майда жана бодо малын, төөлөрүн эки топко бөлдү.

8 Ал: «Эгер Эйсап кол салып бир топту талкаласа, экинчи топ кутулуп кете алат», – деп ойлоду.

9 Анан Жакып Кудайга мындай деп кайрылды: «О, атам Ыбрайымдын Кудайы жана атам Ыскактын Кудайы, Теңирим, Сен мага: “Өз жериңе, мекениңе кайт, Мен сени колдойм!” – дедиң эле.

10 Сенин Өз кулуңа кылган бардык ырайымың менен жакшылыгыңа татыксызмын, анткени мен бул Иордандан жалгыз таягым менен өттүм эле, азыр болсо эки станым бар.

11 Мени бир тууганым Эйсаптын колунан куткар, анткени мен андан корком, ал келип, мени жана балдарымды энелери менен кошо өлтүрүп койбосун.

12 Сен мага: “Мен сени колдоп, укум-тукумуңду деңиз кумундай көбөйтүп, көптүгүнөн санап чыккыс кылам”, – деп айткансың».

13 Жакып ал түнү ошол жерде түнөдү. Анан ал өзүнүн мал-мүлкүнөн бир тууганы Эйсапка белек кылуу үчүн буларды алды:

14 эки жүз эчки, жыйырма теке, эки жүз кой, жыйырма кочкор,

15 отуз иңген ботолору менен, кырк уй, он өгүз, жыйырма ургаачы, он эркек эшек.

16 Кулдарына ар бир үйүрдү өзүнчө бөлүп берип, аларга: «Менин алдыма түшкүлө, үйүрлөрдүн ортосунда аралык болсун», – деди.

17 Анан биринчи адамга минтип буйруду: «Бир тууганым Эйсап алдыңан чыгып: “Кимдин кулусуң? Кайда бара жатасың? Айдаган малың кимдики?” – деп сураса, сен:

18 “Сенин кулуң Жакыптыкы. Булар – мырзам Эйсапка жиберилген белек. Ал өзү да биздин артыбызда келе жатат”, – де».

19 Ошондой эле экинчисине да, үчүнчүсүнө да, үйүр-үйүр малдын артында бара жаткандардын бардыгына: «Эйсапка жолуксаңар, ушундай дегиле», – деп буйрук берди.

20 «Дагы мындай дегиле: “Кулуң Жакып да биздин артыбызда келе жатат”», – деди. Анткени ал ичинен: «Жөнөтүп жиберген белектерим менен анын жүрөгүн жумшартайын, андан соң жүз көрүшөйүн. Мүмкүн, мени кабыл алар», – деп ойлогон.

21 Ошентип, белектерин жөнөтүп жиберди. Ал эми өзү ошол түнү станда түнөп калды.

22 Ошол түнү ордунан туруп, эки аялын, эки күңүн, он бир уулун алып, Жабок суусун кечип өттү.

23 Аларды шар суудан алып өттү, өзүнүн бардык мал-мүлкүн өткөрдү.

**Жакыптын Кудай менен кармашышы**

24 Ошентип, Жакып жалгыз калды. Ошондо таң атканга чейин Бирөө аны менен кармашты.

25 Ал Жакыпты жеңе албастыгын көрүп, аны менен кармашып жатканда, жамбаш тарамышына тийип, мертинтип койду.

26 Анан Ал: «Коё бер Мени, таң атып кетти», – деди. Жакып Ага: «Мага батаңды бермейинче, коё бербеймин Сени», – деди.

27 Ал Жакыптан: «Атың ким?» – деп сурады. Ал: «Жакып», – деп жооп берди.

28 Ошондо Ал мындай деди: «Ушундан тартып сенин атың Жакып эмес, Ысрайыл болот, анткени сен Кудай менен, адамдар менен кармашып, жеңип чыктың».

29 Жакып да: «Атыңды айт», – деди. Ал: «Эмне үчүн Менин атымды сурап жатасың?» – деди да, ошол жерде ага батасын берди.

30 Анан Жакып: «Мен Кудайды бетме-бет көрдүм, бирок тирүү калдым», – деп, ал жерди Пенуел деп атады.

31 Ал Пенуелден өтүп бара жатканда, күн чыкты. Ал жамбашынан сылтып бара жатты.

32 Ошондуктан Ысрайыл уулдары азыркыга чейин жамбаштын тарамыштарын жешпейт, анткени Кармашуучу Жакыптын жамбаш тарамышына тийип, мертинтип койгон.

**33-БӨЛҮМ**

**Жакыптын Эйсап менен жолугушуусу**

1 Жакып көз чаптырып, Эйсаптын келе жатканын көрдү. Анын жанында төрт жүз адам бар экен. Ошондо ал Леянын, Рахелдин жана эки күңдүн балдарын өз-өзүнчө бөлүп койду.

2 Күңдөрүн жана алардын балдарын алдыга койду, Леяны жана анын балдарын алардын артына, ал эми Рахел менен Жусупту алардын артына койду.

3 Өзү болсо алардын алдына өтүп, бир тууганына жакын келгенче, жети ирет жерге чейин башын ийип таазим этти.

4 Ошондо Эйсап ага утурлай чуркап, аны мойнунан кучактап өпкүлөдү, анан экөө тең ыйлашты.

5 Эйсап анын аялдары менен балдарын көрүп: «Буларың ким?» – деп сурады. «Кудайдын кулуңа берген балдары», – деп жооп берди Жакып.

6 Ошондо күңдөр менен алардын балдары жакын келип, ага таазим кылышты.

7 Лея да балдары менен келип таазим этти. Акырында Жусуп менен Рахел да келип таазим этишти.

8 Анан Эйсап андан: «Сен бул көп сандаган малды кандай максат менен жибердиң?» – деп сурады. Жакып ага: «Мырзамдын алдында ырайым табуу үчүн», – деп жооп берди.

9 Ошондо Эйсап ага: «Бир тууганым, өзүмдүкү жетиштүү, өзүңдүкү өзүңдө калсын», – деди.

10 «Жок, эгерде мен сенин алдыңда ырайым тапкан болсом, белектеримди кабыл ал, анткени жүзүңдү көргөндө, Кудайдын жүзүн көргөндөй болдум, сен мага ырайым кылдың.

11 Менин сага алып келген тартуумду кабыл ал, анткени Кудай мага берди, менде баары бар», – деп, Жакып аны көндүрдү, Эйсап кабыл алды.

12 Анан Эйсап: «Ордубуздан туруп жөнөйлү. Мен сени менен жөнөйүн», – деди.

13 Жакып ага: «Мырзам өзү көрүп турат, балдарым жаш, ал эми майда жана бодо малым саан. Эгерде малды күнү бою айдасак, анда бардык мал өлүп калат.

14 Мырзам өз кулунун алдында кете берсин, ал эми мен алдымда бара жаткан малдын жүрүшүнө жараша, балдарымдын басыгына жараша жай жол жүрүп, мырзама, Сеирге келейин», – деди.

15 «Жанымдагы кишилердин бир нечесин сени менен калтырайын», – деди Эйсап. «Алардын кереги эмне? Мен мырзамдын алдында ырайым тапсам эле болду», – деди Жакып.

16 Ошентип, Эйсап ошол эле күнү өз жолу менен Сеирге кайтты.

17 Жакып болсо Сукотко келип, ошол жерде өзүнө үй куруп, малына бастырма тургузду. Ошондуктан ал жерди Сукот деп атады.

18 Жакып Месопотамиядан чыккандан кийин, Канаан жериндеги Шекем шаарына аман-эсен жетип, ошол шаарга жакын жайланышты.

19 Анан ал Шекемдин атасы Хамордун балдарынан жүз тыйынга жер сатып алып, чатырын тикти.

20 Ошол жерге курмандык чалынуучу жай куруп, ал жерди «Ысрайылдын Кудайы – кудуреттүү Кудай» деп атады.

**34-БӨЛҮМ**

**Динанын абийиринин булганышы. Өч алуу**

1 Леянын Жакыптан төрөгөн кызы Дина ал жердин кыздарын көргөнү чыкты.

2 Аны ал жердин төрөсү хибилик Хамордун уулу Шекем көрүп, кармап алып, зордуктап койду.

3 Жакыптын кызы Динага анын көңүлү түшүп, сүйүп калгандыктан, кыздын жүрөгүнө жаккан сөздөрдү сүйлөдү.

4 Анан Шекем атасы Хаморго: «Бул кызды мага аялдыкка алып бер», – деди.

5 Жакып кызы Динанын абийирин Хамордун баласы булгап койгонун укту, бирок уулдары талаада мал менен болгондуктан, алар келгиче унчуккан жок.

6 Анан Шекемдин атасы Хамор Жакып менен сүйлөшкөнү чыкты.

7 Жакыптын уулдары болсо талаадан келип, бул ишти укканда, капа болуп, аябай ачууланышты, анткени Шекем Жакыптын кызы менен жатып, Ысрайылдын намысын тебеледи, ал мындай кылбашы керек эле.

8 Хамор аларга мындай деди: «Уулум Шекемдин кызыңарга көңүлү түшүп калыптыр, аны уулума аялдыкка бергиле.

9 Биз менен бир тууган болгула. Кыз алышып, кыз беришели.

10 Биз менен чогуу жашагыла, бул жер силердин алдыңарда турат, ал жерлерге отурукташып, чарба жүргүзүп, ээлик кылгыла».

11 Шекем Динанын атасы менен бир туугандарына: «Силердин алдыңарда ырайым тапсам эле болду, силер эмне десеңер, мен баарын берем.

12 Кандай калың бычып, эмне талап кылсаңар да берем, мага кызыңарды берсеңер эле болду», – деди.

13 Бирок Жакыптын уулдары Шекемге жана анын атасы Хаморго куулук менен жооп беришти, анткени ал алардын карындашы Динанын абийирин булгап койгон эле.

14 Жакыптын уулдары аларга: «Анте албайбыз, биз карындашыбызды сүннөткө отургузулбаганга бере албайбыз, анткени бул – биз үчүн маскарачылык.

15 Эгерде биздей болуп, силердин да бардык эркек аттууңар сүннөткө отургузулса гана макул болобуз.

16 Ошондо биз кыз алышып, кыз беришип, силер менен чогуу жашап, бир эл болобуз.

17 Эгерде сүннөткө отургузулганга макул болбосоңор, анда биз кызыбызды алып кетип калабыз», – дешти.

18 Бул сөздөр Хаморго жана анын уулу Шекемге жагып калды.

19 Улан муну аткарууга токтоосуз киришти, анткени Жакыптын кызын сүйүп калган эле. Шекем атасынын үйүндөгүлөрүнүн ичинен эң кадырлуусу эле.

20 Хамор жана анын уулу Шекем шаар дарбазасынын жанына келип, өз шаарынын тургундарына кайрылып, мындай деди:

21 «Бул адамдар биз менен тынчтыкта. Алар бул жерге отурукташып, чарба жүргүзө беришсин. Жер кенен. Алар менен кыз алышып, кыз беришели.

22 Биздин да бардык эркек аттууларыбыз алардай болуп сүннөткө отургузулган шартта гана бул адамдар биз менен жашап, бир эл болууга макул.

23 Алардын үйүр-үйүр малы да, мүлкү да биз үчүн эмеспи? Аларга макул гана болсок, биз менен жашап калышат».

24 Ошентип, Хамор менен анын уулу Шекемдин айткандарын шаар дарбазасынан чыккандын бардыгы угуп, эркек аттуулардын бардыгы, шаар дарбазасынан чыккандардын бардыгы сүннөткө отургузулду.

25 Үчүнчү күнү, алар ооруп жатканда, Жакыптын эки уулу, Динанын бир туугандары Шымон менен Леби кылычтарын алып, шаарга тартынбастан кол салып, эркек аттуулардын баарын кырып салышты.

26 Хамордун өзүн да, уулу Шекемди да кылыч менен өлтүрүшүп, Шекемдин үйүнөн Динаны алып чыгып кетишти.

27 Жакыптын уулдары өлтүрүлгөндөрдүн шаарына келишти да, карындашынын абийирин булгагандыгы үчүн, шаарды тоноп кетишти.

28 Алар майда жана бодо малын, эшектерин, шаарда эмнеси болсо, талаада эмнеси болсо, бардыгын алып кетишти.

29 Алардын байлыктарын, балдарын, аялдарын туткундап, үйлөрүндө болгон нерсесинин бардыгын талап-тоноп кетишти.

30 Ошондо Жакып Шымон менен Лебиге мындай деди: «Силер мени кайгыга салдыңар, бул жердин тургундарына, канаандыктар менен периздиктерге мени жек көрүндү кылдыңар. Менин элим аз. Алар мага каршы чогулуп, мени өлтүрүп, үй-жайым менен жок кылышат».

31 Алар болсо: «Эмне үчүн ал биздин карындашыбызга сойкуга мамиле кылгандай мамиле кылышы керек?» – дешти.

**35-БӨЛҮМ**

**Кудайдын Жакыпка бата бериши**

1 Кудай Жакыпка мындай деди: «Ордуңан туруп, Бейтелге жөнө, ошол жерде жаша. Бир тууганың Эйсаптан качып бара жатканыңда сага келген Кудайга арнап, ошол жерге курмандык чалынуучу жай кур».

2 Ошондо Жакып өз үй-бүлөсү менен өз кишилерине мындай деди: «Бөтөн кудайларыңарды таштагыла, тазаланып, кийиминңерди алмаштыргыла.

3 Ордубуздан туруп, Бейтелге жөнөйлү. Башыма оор күн түшкөн күнү мени угуп, мен жүргөн жолдо мени менен бирге болгон Кудайга курмандык чалынуучу жай курайын».

4 Алар Жакыпка өздөрүнүн бөтөн кудайларын, кулактарындагы сөйкөлөрүн беришти. Жакып аларды Шекемдин жанындагы эмен дарагынын түбүнө көөмп салды.

5 Ошентип, алар жөнөп кетишти. Тегерек-четтеги шаарларга Кудайдын коркунучу туулуп, Жакыптын уулдарынын артынан куушкан жок.

6 Жакып өзүнүн кишилери менен Канаан жериндеги Лузга, башкача айтканда, Бейтелге келди.

7 Анан ал жерге курмандык чалынуучу жай куруп, ошол жерди Эл-Бейтел деп атады, анткени ал өз бир тууганынан качып бара жатканда, ошол жерде ага Кудай келген.

8 Ребеканын эмчек энеси Дебора каза болуп, Бейтелдин төмөн жагындагы эмендин түбүнө коюлду. Жакып аны Алан-Бакут деп атады.

9 Жакып Месопотамиядан кайтып келгенден кийин, Кудай дагы келип, ага батасын берди.

10 Ошондо Кудай ага мындай деди: «Сенин атың Жакып. Мындан ары сенин атың Жакып эмес, Ысрайыл болот». Ошентип, ага Ысрайыл деген ат койду.

11 Кудай ага дагы: «Мен Кудаймын, Кудуреттүүмүн. Укумдап-тукумдап көбөйө бер. Сенден көптөгөн элдер, падышалар чыгат.

12 Мен Ыбрайым менен Ыскакка берген жерди сага жана сенин укум-тукумуңа берем», – деди.

13 Анан Кудай андан, ага сүйлөгөн жерден көтөрүлүп кетти.

14 Ошондо Жакып өзүнө Кудай сүйлөгөн жерге таштан эстелик тургузуп, анын үстүнө куюлуучу курмандыкты куюп, анын үстүнө зайтун майын куйду.

15 Ошентип, ал Кудай өзүнө сүйлөгөн жерди Бейтел деп атады.

**Рахелдин көз жумушу**

16 Анан алар Бейтелден жөнөп кетишти. Эфратага бир аз калганда, Рахел төрөдү. Анын төрөтү оор болду.

17 Ал төрөттөн кыйналып жатканда, аначы кемпир мындай деди: «Коркпо, анткени мунуң да уул болот».

18 Жаны чыгып бара жаткан Рахел баланын атын Бен-Они койду. Бирок баланын атасы анын атын Бенжемин койду.

19 Рахел өлүп, Эфратага бараткан жолдун боюна коюлду, башкача айтканда, Бейт-Лехемге коюлду.

20 Жакып анын мүрзөсүнүн үстүнө эстелик койду. Ал мүрзөнүн үстүндөгү эстелик бүгүнкү күнгө чейин турат.

21 Анан Ысрайыл жолго чыгып, Эйдер мунарасынын ары жагына чатырын тикти.

**Жакыптын уулдары**

22 Ысрайыл бул өлкөдө жашап турганда, Рубейин барып, атасынын күңү Била менен жатып алды. Муну Ысрайыл укту. Жакыптын он эки уулу бар эле.

23 Леянын уулдары: Жакыптын туну Рубейин, андан кийинкилери Шымон, Леби, Жүйүт, Исахар жана Забулун.

24 Рахелдин уулдары: Жусуп менен Бенжемин.

25 Рахелдин күңү Биланын уулдары: Дан менен Напталы.

26 Леянын күңү Зилпанын уулдары: Гат менен Ашыр. Жакыптын бул уулдары Месопотамияда төрөлүшкөн.

**Ыскактын көз жумушу**

27 Ошентип, Жакып атасы Ыскакка, Ыбрайым менен Ыскак жашаган Мамрейге, Кирийат-Арбага, башкача айтканда, Хебронго келди.

28 Ошондо Ыскак жүз сексен жашта эле.

29 Ыскак карылыгы жетип, өмүргө тоюп көз жумуп, өз элине кошулду. Аны уулдары Эйсап менен Жакып көргө коюшту.

**36-БӨЛҮМ**

**Эйсаптын санжырасы**

1 Эйсаптын, башкача айтканда, Эдомдун санжырасы мындай:

2 Эйсап Канаан кыздарынан аял алды. Ал хеттик Эйлон кызы Аданы, хибилик Сибон уулу Ананын кызы Олибаманы жана

3 Ысмайыл кызы, Ныбайоттун карындашы Басыматты алды.

4 Ада Эйсапка Элипазды төрөп берди. Басымат Ребуелди төрөдү.

5 Олибама Жейушту, Жаломду жана Коракты төрөдү. Эйсаптын бул уулдары Канаан жеринде төрөлүштү.

6 Эйсап аялдарын, уулдарын, кыздарын, үйүндөгү бардык адамдарын, үйүр-үйүр малын, Канаан жеринде тапкан бардык мал-мүлкүн алып, бир тууганы Жакыптан бөлүнүп, башка жерге кетти.

7 Анткени алардын мал-мүлкү аябай көп болгондуктан, бирге жашай албай калышкан эле. Малынын көптүгүнөн аларга жашаган жери тардык кылды.

8 Эйсап Сеир тоосуна жайланышты. Эйсап – бул Эдом.

9 Сеир тоосундагы эдомдуктардын атасы Эйсаптын санжырасы мындай:

10 Эйсаптын уулдарынын аттары: Эйсаптын аялы Аданын уулу Элипаз жана Эйсаптын аялы Басыматтын уулу Ребуел.

11 Элипаздын уулдары: Тейман, Омар, Сепо, Гатам жана Кеназ.

12 Тимна Эйсаптын уулу Элипаздын күңү болгон. Ал Элипазга Амалыкты төрөп берген. Эйсаптын аялы Аданын уулдары ушулар.

13 Ребуелдин уулдары: Нахат менен Зерах, Шама менен Миза. Булар – Эйсаптын аялы Басыматтын уулдары.

14 Эйсаптын аялы, Сибондун уулу Ананын кызы Олибама Эйсапка Жейушту, Жаломду жана Коракты төрөп берген.

15 Мына булар Эйсаптын уулдарынын башчылары: Эйсаптын тун уулу Элипаздын уулдары: Тейман башчы, Омар башчы, Сепо башчы, Кеназ башчы.

16 Корак башчы, Гатам башчы, Амалык башчы. Булар – Эдом жериндеги Элипаздын башчы уулдары. Булар – Аданын уулдары.

17 Эйсаптын уулу Ребуелдин уулдары булар: Нахат башчы, Зерах башчы, Шама башчы, Миза башчы. Булар – Эдом жериндеги Ребуелдин башчы уулдары. Булар – Эйсаптын аялы Басыматтын уулдары.

18 Эйсаптын аялы Олибаманын уулдары булар: Жейуш башчы, Жалом башчы, Корак башчы. Булар – Эйсаптын аялы, Ананын кызы Олибаманын башчы уулдары.

19 Булар – Эйсаптын уулдары жана алардын башчылары. Бул – Эдом өзү.

**Сеирдин тукуму**

20 Бул жерде жашаган хорилик Сеирдин уулдары булар: Лотан, Шобал, Сибон, Ана,

21 Дишан, Эйсер жана Дишон. Булар – Эдом жериндеги Сеирдин уулдары хориликтердин башчылары.

22 Лотандын уулдары Хори менен Эймам болгон. Ал эми Лотандын карындашы – Тимна.

23 Шобалдын уулдары булар: Албан, Манахат, Эйбал, Шепо жана Онам.

24 Сибондун уулдары булар: Айа менен Ана. Атасы Сибондун эшектерин кайтарып жүрүп, чөлдөгү жылуу сууну тапкан Ана ушул.

25 Ананын балдары булар: Дишон жана Ананын кызы Олибама.

26 Дишондун уулдары булар: Хемдан, Эшпан, Итран жана Керан.

27 Эйсердин уулдары булар: Билан, Заабан жана Акан.

28 Дишандын уулдары булар: Ус жана Аран.

29 Хориликтердин башчылары булар: Лотан башчы, Шобал башчы, Сибон башчы, Ана башчы,

30 Дишон башчы, Эйсер башчы, Дишан башчы. Ушулар – Сеир жериндеги хориликтердин башчылары.

**Эдомдун падышалары**

31 Ысрайыл уулдарынын падышачылык кылуусунан мурда Эдом жеринде падышачылык кылган падышалар булар:

32 Эдомдо Бейордун уулу Бела падышачылык кылган. Анын шаарынын аты – Динаба.

33 Бела өлгөндөн кийин, анын ордуна ботсралык Зерахтын уулу Жобап падыша болду.

34 Жобап өлүп, анын ордуна теймандыктардын жеринен Хушам падыша болду.

35 Хушам да өлүп, анын ордуна Маап талаасында мидиандыктарды жеңген Быдаттын уулу Адат падыша болду. Анын шаарынын аты – Абыт.

36 Адат да өлүп, анын ордуна Масрейкадан чыккан Самла падыша болду.

37 Самла да өлүп, анын ордуна дарыя жээгиндеги Рехоботтон чыккан Шабул падыша болду.

38 Шабул да өлүп, анын ордуна Акбардын уулу Баал-Канан падыша болду.

39 Акбардын уулу Баал-Канан да өлүп, анын ордуна Хадар падыша болду. Анын шаарынын аты – Пабу. Аялынын аты – Мейтабел, ал – Мей-Зааптын уулу Матрейданын кызы.

40 Уруулары боюнча, жерлери боюнча, аттары боюнча Эйсаптын башчы уулдарынын аттары булар: Тимна башчы, Алба башчы, Жетейт башчы,

41 Олибама башчы, Эйла башчы, Пинон башчы,

42 Кеназ башчы, Тейман башчы, Мипсар башчы,

43 Магдиел башчы, Ирам башчы. Булар – Эдом башчылары, өздөрү ээлик кылган жердеги айыл-кыштактардын башчылары. Эдомдуктардын атасы – Эйсап.

**37-БӨЛҮМ**

**Жусуп жана анын бир туугандары**

1 Жакып атасы жашаган Канаан жеринде жашап турду.

2 Жакыптын жашоосу мындай эле: Жусуп он жети жашында, өспүрүм чагында өзүнүн бир туугандары менен, атасынын аялдары Била жана Зилпанын уулдары менен мал кайтарчу. Жусуп атасына алардын жаман иштерин жеткирип турчу.

3 Ысрайыл Жусупту башка уулдарынан өзгөчө жакшы көрчү, анткени ал анын карыганда көргөн уулу эле. Ошон үчүн ага кооз кийим тиктирип берди.

4 Бир туугандары атасынын өздөрүнө караганда Жусупту көбүрөөк жакшы көрөрүн көрүшүп, Жусупту жек көрүп калышты. Аны менен бир тууганча сүйлөшө албай калышты.

5 Бир күнү Жусуп түш көрүп, түшүн бир туугандарына айтып берди. Ошондон кийин алар аны ого бетер жек көрүп калышты.

6 Жусуп аларга мындай деди: «Мен көргөн түшкө кулак салгылачы.

7 Түшүмдө биз талаада боо байлап жүрүптүрбүз, бир маалда менин боом тикесинен туруп калды. Ошондо силердин боолоруңар тегерете туруп, менин боомо жүгүнүп таазим этишти».

8 Ошондо бир туугандары: «Кантип эле сен бизге падышачылык кылып каласың? Кантип эле сен бизди бийлеп каласың?» – дешип, аны түшү үчүн, айткан сөздөрү үчүн ого бетер жек көрүп калышты.

9 Ал дагы башка түш көрүп, түшүн бир туугандарына айтты: «Бүгүн мен дагы түш көрдүм. Түшүмдө күн менен ай жана он бир жылдыз мага жүгүнүп, таазим кылып жатыптыр».

10 Ал түшүн атасы менен бир туугандарына да айтып берди эле, атасы урушуп, мындай деди: «Эмне деген түш көргөнсүң? Кантип эле мен да, апаң да, бир туугандарың да сага келип, таазим кылып калалы?»

11 Бир туугандары ыза болушту, атасы болсо анын сөзүн жүрөгүнө түйүп алды.

**Жусуптун кулдукка сатылышы**

12 Бир туугандары атасынын малын Шекемге жайып кетишкенде,

13 Ысрайыл Жусупка: «Бир туугандарың Шекемде мал жайып жүрүшөт. Барып келчи, мен сени аларга жиберейин», – деди. Ал ага: «Мына мен», – деп жооп берди.

14 Атасы ага: «Барып, бир туугандарың аман-эсенби, малы түгөлбү, көрүп, мага жообун алып кел», – деди. Ошентип, аны Хеброн өрөөнүнөн Шекемге жөнөттү. Жусуп Шекемге келди.

15 Ал талаада адашып жүргөндө, ага бирөө жолугуп, андан: «Эмне издеп жүрөсүң?» – деп сурады.

16 «Мен бир тууганларымды издеп жүрөм. Алар кайсы жерде мал жайып жүргөнүн айтып коёсуңбу?» – деди ал.

17 Ошондо жанагы киши: «Алар бул жерден кетишти, анткени мен алардын “Дотанга барабыз” дегенин уккам», – деди. Жусуп бир тууганларынын артынан жөнөп, аларды Дотандан тапты.

18 Алар Жусупту алыстан көрүшүп, ал жакындай электе эле, аны өлтүрүүнү чечип коюшту.

19 Анан алар бири-бирине: «Мына, түш көргүч келатат.

20 Жүргүлө, азыр барып, аны өлтүрүп, чуңкурга таштап салалы, аны жырткыч айбан жеп кетти деп айтып коёбуз. Ошондо анын түштөрү эмне болорун көрөбүз», – дешти.

21 Муну Рубейин угуп: «Жок, Жусупту өлтүрбөйбүз», – деп, аны алардын колунан куткарып калды.

22 Рубейин аларга: «Кан төкпөгүлө. Аны чөлдөгү чуңкурга таштап салгыла, ага кол көтөрбөгүлө», – деди. Ал бул сөздү Жусупту алардын колунан куткарып, атасына кайтарыш үчүн айтты.

23 Жусуп өзүнүн бир тууганларына келгенде, алар Жусуптун үстүнөн кооз кийимин сыйрып алышты.

24 Өзүн болсо чуңкурга таштап жиберишти. Ал чуңкур бош болчу, анда суу жок эле.

25 Анан алар тамак жегени отурушканда, Гилат жактан келе жаткан Ысмайыл уулдарынын кербенин көрүштү. Алар төөлөрүнө жыпар жыттуу заттарды: стиракс, бальзам, ладан жүктөп алып, Мисирге алып бара жатышкан.

26 Ошондо Жүйүт бир тууганларына: «Бир тууганыбыздын канын төгүп, өлүгүн жашырып салгандан не пайда?

27 Жүргүлө, аны Ысмайыл уулдарына сатып жиберели, колубуз да булганбайт, анткени ал биздин бир тууганыбыз, каныбыз бир», – деди. Бир тууганлары анын тилин алышты.

28 Мидиандык соодагерлер өтүп бара жатышканда, Жусупту чуңкурдан тартып алышып, Ысмайыл уулдарына жыйырма күмүш тыйынга сатып жиберишти. Алар болсо Жусупту Мисирге алып кетишти.

29 Рубейин чуңкурга кайра келип караса, чуңкурда Жусуп жок экен. Ошондо ал өз кийимдерин айрып жиберди.

30 Анан бир тууганларына келип: «Бала жок экен, эми мен кайда барам?» – деди.

31 Алар бир текени союп, Жусуптун кооз кийимин кан кылып,

32 атасына берип жиберишти. Анан атасына келип, мындай дешти: «Биз муну таап алдык, карасаң, бул кийим уулуңдуку эмеспи?»

33 Жакып анын кийимин таанып: «Бул – уулумдун кийими. Ал жырткычка жем болуптур, аны жырткыч жара тартып кеткен турбайбы», – деди.

34 Анан Жакып өз кийимин айрып, үстүнө зумбал кийип, уулун көп күн жоктоп ыйлады.

35 Ошондо атасын сооротууга бүт уул-кыздары чогулду, бирок ал сооронгусу келбей: «Мен эми өлгөндөр жаткан жайга, уулума барганча кайгырып өтөм», – деди. Жусуптун атасы уулун ушинтип жоктоду.

36 Мидиандыктар болсо аны фараондун сарай кызматчысы, сакчылардын башчысы Потипарга сатып жиберишти.

**38-БӨЛҮМ**

**Жүйүт жана Тамар**

1 Ошол убакта Жүйүт өз бир туугандарынан бөлүнүп кетип, адуламдык Хира деген кишинин жанына отурукташты.

2 Жүйүт ал жерден Шуа деген канаандык кишинин кызын көрдү. Аны аялдыкка алып, ага жакындады.

3 Анын боюна бүтүп, уул төрөдү. Жүйүт анын атын Эйир койду.

4 Дагы боюна бүтүп, уул төрөдү. Анын атын Онан койду.

5 Анан дагы уул төрөп, анын атын Шейла койду. Аны төрөгөн учурда Жүйүт Хезипте болчу.

6 Анан Жүйүт тун уулу Эйирге аял алып берди. Анын аты Тамар эле.

7 Жүйүттүн тун уулу Эйир Теңирге жакпагандыктан, Теңир аны өлтүрүп салды.

8 Ошондо Жүйүт Онанга мындай деди: «Бир тууганыңдын аялына жакында, кайын ини катары ага үйлөнүп, бир тууганыңдын тукумун ула».

9 Онан ал тукумдун өзүнүкү болбосун билгендиктен, бир тууганынын аялына жакындаганда, бир тууганынын тукумун улабаш үчүн, уругун жерге агызып салчу.

10 Анын бул кылганы Теңирдин алдында жийиркеничтүү болгондуктан, Ал аны да өлтүрүп салды.

11 Ошондо Жүйүт келини Тамарга: «Уулум Шейла эр жеткиче, өз атаңдыкында жесир катары жашап тур», – деди. «Ал да улуу агаларындай болуп өлүп калбасын», – деп ойлоду Жүйүт. Тамар кетип, өз атасыныкында жашап калды.

12 Көп убакыт өткөндөн кийин Шуанын кызы – Жүйүттүн аялы өлдү. Жүйүт соорongондон кийин, койлорун кыркып жаткандарга өзү менен кошо досу адуламдык Хираны алып, Тимнага кетти.

13 Ошондо Тамарга: «Кайын атаң Тимнага койлорун кырктырганы келе жатат», – деп кабарлашты.

14 Тамар үстүндөгү жесирдин кийимин чечип, чүмбөт жамынып, кымтыланып алып, Тимнага баруучу жолго, Эйнайим дарбазасынын жанына отуруп алды. Анткени Шейла эр жетсе да, өзүнүн ага аялдыкка алып берилбегенин көрдү.

15 Жүйүт аны көргөндө, сойку деп ойлоду. Анткени аял жүзүн жаап алган эле.

16 Жүйүт ага кайрылып келип: «Мен сени менен жатайын», – деди. Анткени келини экенин билген жок. Тамар андан: «Мени менен жатсаң, мага эмне бересиң?» – деп сурады.

17 «Короомдон бир улак берип жиберейин», – деди Жүйүт. Тамар андан: «Улагыңды берип жибергенче, күрөөгө бирдеме калтырасыңбы?» – деп сурады.

18 «Күрөөгө эмне берейин?» – деп сурады Жүйүт. «Мөөрүңдү, куруңду, колуңдагы таягыңды бер», – деди Тамар. Ал анын сураганын берип, ага жакындады. Андан Тамардын боюна бүттү.

19 Тамар турду да, чүмбөтүн алып таштап, жесирдин кийимин кийди.

20 Жүйүт болсо адуламдык досунан улакты берип жиберип, аялдан күрөөнү алдырмакчы болду, бирок ал аялды таппай койду.

21 Ал ошол жердин тургундарынан: «Эйнайимге бара жаткан жолдун боюндагы сойку кайда?» – деп сурады. Алар ага: «Бул жерде сойку болгон эмес», – деп жооп беришти.

22 Ал досу Жүйүткө кайрылып келип: «Мен аны таппай койдум. Ал жердин тургундары да: “Бул жерде сойку болгон эмес”, – дешти», – деди.

23 Ошондо Жүйүт: «Мейли, мен бергендерди ала берсин, элге күлкү болбосок эле болду. Мен улакты берип жибердим, бирок сен аны таппай келдиң», – деди.

24 Арадан үч айга жакын убакыт өткөндөн кийин, Жүйүткө мындай дешти: «Келиниң Тамар бузулуп кетиптир, атүгүл, анын боюна да бүтүп калыптыр». Ошондо Жүйүт: «Аны элдин алдына алып чыгып, өрттөп жибергиле», – деди.

25 Тамарды алып жөнөшкөндө, ал кайын атасына мындай деп айттырды: «Бул буюмдар кимдики болсо, ошондон боюма бүттү». Анан мындай деди: «Бул мөөр, кур, таяк кимдики экенин таанычы».

26 Жүйүт таанып: «Ал мага караганда адилеттүүрөөк, анткени мен аны уулум Шейлага алып берген эмесмин», – деди. Андан кийин ал ага жакындаган жок.

27 Төрөт учурунда аялдын боюнда эгиз бала бар экени билинди.

28 Аял төрөп жатканда, кол көрүндү. Аначы кемпир: «Бул биринчи чыкты», – деп, анын колуна кызыл жип байлап койду.

29 Бирок ал колун кайра тартып алды. Ошондо анын бир тууганы чыкты. Аначы кемпир ага: «Сен кантип биринчи чыктың?» – деди. Анын атын Перес коюшту.

30 Андан кийин колуна кызыл жип байланган бир тууганы чыкты. Анын атын Зерак коюшту.

## 39-БӨЛҮМ

### Жусуп жана Потипардын аялы

1 Жусуп болсо Мисирге жеткирилди. Аны алып келген Ысмайыл уулдарынын колунан фараондун сарай кызматчысы, сакчылардын башчысы, мисирлик Потипар сатып алды.

2 Теңир Жусуп менен болду. Ал иштеринде ийгиликке жетти, мисирлик мырзанын үйүндө жашады.

3 Теңир Жусуп менен экенин, кандай иш кылбасын, Теңир анын колуна ийгилик берип жатканын мырзасы көрдү.

4 Ошентип, Жусуп мырзасынан ырайым таап, ага кызмат кылып жүрдү. Ал Жусупту өз үйүнө башкаруучу кылып койду, өзүнүн колундагысынын баарын ага тапшырды.

5 Ал Жусупту өзүнүн үйүнө, колундагысынын баарына башкаруучу кылып койгондон тартып, Теңир Жусуп үчүн мисирлик мырзанын үйүнө батасын берди. Теңирдин батасы анын үйүндөгү жана талаасындагы бардык мал-мүлкүнүн үстүндө болду.

6 Ошентип, ал колундагысынын баарын Жусупка тапшырды. Анын барында ал жеген нанынан башка эч нерсе менен иши болбоду. Жусуп келишимдүү, сулуу жигит эле.

7 Мырзасынын аялынын Жусупка көзү түшүп, ага: «Мени менен жат», – деди.

8 Бирок ал каршы болуп, мырзасынын аялына: «Мырзам менин барымда үйүндө эч нерсе менен иши жок, болгон нерсесинин бардыгын мага тапшырды.

9 Бул үйдө менден чоң эч ким жок. Ал сенден башкасына тыюу салган жок, анткени сен анын аялысың. Кантип мен ушундай жаман ишти кылып, Кудай алдында күнөөгө батам?» – деди.

10 Ал аял Жусупка күн сайын ушинтип айта берсе да, ал аны менен жатууга, аны менен бирге болууга макул болгон жок.

11 Бир күнү Жусуп өз иштерин кылганы үйгө кирди. Ошол учурда үйдүн ичинде үйдөгүлөрдөн эч ким жок эле.

12 Аял аны кийиминен кармап: «Мени менен жат», – деди. Бирок ал сырткы кийимин аялдын колуна калтырып, сыртка качып чыкты.

13 Аял болсо Жусуптун сырткы кийимин калтырган бойдон сыртка качып чыкканын көрүп,

14 үйүндөгүлөрүн чакырып алып: «Карагылачы, ал биздикине бул эврейди бизди шылдыңдатмакка алып келиптир. Ал мени менен жатканы келиптир, бирок мен катуу кыйкырып жибердим.

15 Ал менин кыйкырганымды угуп, сырткы кийимин калтырып, сыртка качып чыкты», – деди.

16 Ошентип, аял мырзасы үйүнө келгенге чейин, Жусуптун сырткы кийимин өзүнө калтырып койду.

17 Анан күйөөсүнө ушул эле сөздөрдү кайталады: «Сен биздикине алып келген эврей кулуң мени шылдыңдаганы келди.

18 Бирок мен чуу көтөрүп кыйкырып жибергенде, ал сырткы кийимин калтырган бойдон сыртка качып кетти».

19 Мырза аялынын оозунан «Сенин кулуң мага ушундай кылды» деген сөздү укканда, абдан ачууланды.

20 Ошондо мырзасы Жусупту падышанын туткундары жаткан зынданга салдырды. Ошентип, ал ошол зынданда жатты.

21 Теңир Жусуп менен болду. Ага ырайымын төгүп, зындан башчысынан ырайым таптырды.

22 Ошондо зындан башчысы зындандагы туткундардын бардыгын Жусуптун колуна берди. Жусуп ал жердеги бардык иштин үстүнөн башкаруучу болду.

23 Зындан башчысы ага тапшырылган иштерге кийлигишчү эмес, анткени Теңир Жусуп менен болуп, ал эмне кылбасын, бардык ишине ийгилик берип жатты.

**40-БӨЛҮМ**

**Жусуптун түрмөдө түш чечмелеши**

1 Ошондон кийин Мисир падышасынын шарап сунуучусу менен нан сунуучусу өздөрүнүн мырзасынын – Мисир падышасынын алдында айыптуу болуп калышты.

2 Ошондо фараон сарайдагы өзүнүн эки кызматчысына: башкы шарап сунуучусу менен башкы нан сунуучусуна ачууланып,

3 аларды сакчылардын башчысынын үйүндөгү Жусуп камалган зынданга каматып салды.

4 Сакчылардын башчысы Жусупту аларга кызмат кылууга дайындады. Жусуп аларга кызмат кылды. Алар бир нече убакыт камакта жатышты.

5 Бир күнү Мисир падышасынын зынданда камалып жаткан шарап сунуучусу менен нан сунуучусу түш көрүштү. Экөө тең бир түндө өз-өзүнчө түш көрдү. Ар бирине өзгөчө мааниси бар түш кирди.

6 Жусуп эртең менен аларга кирип, алардын тынчы кетип турганын көрдү.

7 Ошондо ал мырзасынын үйүндө өзү менен бирге камакта жаткан фараон сарайынын кызматчыларынан: «Эмне үчүн бүгүн маанайыңар пас?» – деп сурады.

8 Алар ага: «Биз түш көрдүк. Чечмелеп берер киши жок», – дешти. Жусуп аларга: «Түштү Кудай чечмелейт эмеспи? Мага айтып бергилечи», – деди.

9 Ошондо Жусупка башкы шарап сунуучу өз түшүн мындай деп айтып берди: «Түшүмдө бет алдымда жүзүм сабагы туруптур.

10 Жүзүм сабагынын үч бутагы бар экен. Ал бүрдөп, гүл ачып, мөмө байлады, анан анын мөмөлөрү бышты.

11 Фараондун чөйчөгү да менин колумда экен. Мен жүзүмдөн алып, фараондун чөйчөгүнө сыгып, чөйчөктү фараонго сундум».

12 Жусуп ага мындай деди: «Түштүн чечмелениши мындай: үч бутак – бул үч күн.

13 Үч күндөн кийин фараон сени бошотуп, кайрадан ордуңа коёт. Ошондо сен мурункудай эле ага чөйчөк сунасың.

14 Сага жакшы болгондо, мени эсте. Мага жакшылык кылып, мен жөнүндө фараондун эсине салып, мени бул үйдөн чыгарып ал.

15 Анткени мен эврейлердин жеринен уурдалып келгем. Зынданга салынгыдай, бул жакта да мен эч нерсе кылган эмесмин».

16 Башкы нан сунуучу Жусуптун түштү жакшы чечмелегенин көрүп: «Мен да түш көрдүм. Түшүмдө тордолгон үч себетти башыма көтөрүп алыптырмын.

17 Үстүнкү себетте фараондун наабайчы жасаган ар кандай тамагы бар экен. Башымдагы себеттеги тамакты канаттуулар чокулап жатышыптыр», – деди.

18 Ошондо Жусуп ага мындай деп жооп берди: «Мунун чечмелениши мындай: үч себет – бул үч күн.

19 Үч күндөн кийин фараон сенин башыңды алып, жыгачка асат. Канаттуулар денеңди чокуп жешет», – деди.

20 Үч күндөн кийин фараондун туулган күнү болуп, ал өзүнүн бардык кызматчыларына той берди. Ошондо ал өзүнүн башкы шарап сунуучусу менен башкы нан сунуучусун эстеди.

21 Шарап сунуучусун мурдагы ордуна койду, ошондо ал чөйчөккө шарап куюп, фараонго сунду.

22 Ал эми башкы нан сунуучусун, Жусуп чечмелегендей, жыгачка астырып салды.

23 Бирок башкы шарап сунуучу Жусуп жөнүндө эстеген жок, аны унутуп койду.

**41-БӨЛҮМ**

**Жусуптун фараондун түшүн чечмелеши**

1 Арадан эки жыл өткөндөн кийин фараон түш көрдү. Түшүндө ал дарыянын жээгинде туруптур.

2 Дарыядан көрүнүшү жакшы, семиз жети уй чыгып, камыштын арасында оттоп жүрүптүр.

3 Алардан кийин көрүнүшү начар, арык жети уй чыгып, дарыянын жээгинде оттоп жүргөн тиги уйларга кошулду.

4 Анан көрүнүшү начар, арык уйлар көрүнүшү жакшы, семиз уйларды жеп салды. Ошондо фараон ойгонуп кетти.

5 Анан ал кайра уктап, дагы түш көрдү. Түшүндө бир сабактан бадырайган, жакшынакай жети баш буудай өсүп чыкты.

6 Алардан кийин чүрүшкөн, чыгыш шамалы күйгүзүп кеткен жети баш буудай өсүп чыкты.

7 Анан чүрүшкөн буудай баштары бадырайган, дандуу жети баш буудайды жеп салды. Ошондо фараон ойгонуп кетип, мунун түш экенин түшүндү.

8 Эртең менен фараондун тынчы кетип, Мисирдин бардык сыйкырчылары менен акылмандарын киши жиберип чакыртып алып, аларга өзүнүн түшүн айтып берди, бирок эч ким анын түшүн чечмелей алган жок.

9 Ошондо башкы шарап сунуучу тура калып, фараонго мындай деди: «Күнөөмдү азыр эстеп жатам.

10 Фараон кулдарына ачууланып, мени жана башкы нан сунуучуну сакчылардын башчысынын үйүндөгү зынданга каматып салган эле.

11 Ошондо биз бир түндө түш көргөнбүз, ага да, мага да өзгөчө мааниси бар түштөр кирген.

12 Ал жерде сакчылардын башчысынын кулу, жаш эврей жигит биз менен бирге болгон. Биз ага көргөн түштөрүбүздү айтып бергенбиз, ошондо ал ар бирибизге түшүбүздү чечмелеп берген.

13 Ал кандай чечмелесе, ошондой болуп чыкты: мен өз ордума кайтып келдим, тигини болсо асышты».

14 Ошондо фараон киши жиберип, Жусупту алдыртты. Аны зындандан шашылыш түрдө чыгарышты. Ал чачын алдырып, кийимин которуп, фараонго келди.

15 Фараон Жусупка мындай деди: «Мен түш көрдүм, бирок аны эч ким чечмелей алган жок. Сени түш чечмелей алат деп уктум».

16 Жусуп фараонго мындай деп жооп берди: «Мен эмес, Кудай аны фараонго жакшылыкка чечмелеп берет».

17 Анан фараон Жусупка түшүн айтты: «Түшүмдө мен дарыя жээгинде туруптурмун.

18 Дарыядан көрүнүшү жакшы, семиз жети уй чыгып, камыштын арасында оттоп жүрдү.

19 Алардан кийин арык, көрүнүшү эң начар, кыржыйган жети уй чыкты. Мен бүтүндөй Мисир жеринен андай арык уйларды көргөн эмесмин.

20 Анан жети арык уй мурдагы жети семиз уйду жеп салды.

21 Семиз уйлар алардын ичине кирип кетти, бирок алардын ичине кирип кеткени билинген жок. Алардын көрүнүшү баштагыдай эле арык бойдон калды. Анан мен ойгонуп кеттим.

22 Анан дагы түш көрдүм. Түшүмдө бир сабактан бадырайган, жакшынакай жети баш буудай өсүп чыкты.

23 Алардан кийин ичке, чүрүшкөн, чыгыш шамалы күйгүзүп кеткен жети баш буудай өсүп чыкты.

24 Анан чүрүшкөн буудай баштары бадырайган жети баш буудайды жеп салды. Мен муну сыйкырчыларга айттым, бирок эч кимиси чечмелей алган жок».

25 Ошондо Жусуп фараонго мындай деди: «Фараондун түштөрүнүн мааниси бир: Кудай эмне кыларын фараонго билдириптир.

26 Жети семиз уй – бул жети жыл. Жети баш дандуу буудай – бул жети жыл. Экөө бир түш.

27 Семиз уйлардын артынан чыккан кыржыйган, арык жети уй – бул да жети жыл. Ошондой эле чүрүшкөн, чыгыштын шамалы күйгүзүп кеткен жети баш буудай – бул ачарчылыктын жети жылы.

28 Мына ошондуктан мен фараонго: “Кудай эмне кыларын фараонго көрсөттү”, – дедим.

29 Азыр бүткүл Мисир жерине мол түшүмдүү жети жыл келе жатат.

30 Андан кийин жети жылдык ачарчылык келет. Мисир жериндеги бул мол түшүмдүн баары унутулуп, жерди ачарчылык жабыркатат.

31 Ошондо молчулуктан кийин келген ачарчылыктын кесепетинен жердеги мурунку молчулук билинбей калат, анткени ачарчылык аябай катуу болот.

32 Ал эми фараондун түшүнүн эки ирет кайталанышы Кудай сөзүнүн чындык экенин жана жакын арада Кудай аны орундатарын билдирет.

33 Эми фараон акылдуу, даанышман адам караштырып көрүп, аны Мисир жерине эл башчы кылып койсун.

34 Фараон жер-жерлерге көзөмөлдөөчүлөрдү коюп, мол түшүмдүү жети жылда Мисир жериндеги түшүмдүн бештен бир бөлүгүн жыйноого буйрук берсин.

35 Алар келе жаткан жакшы жылдардагы эгиндин баарын азык үчүн фараондун карамагына жыйнап, шаарларга чогултуп алышсын да, сактап турушсун.

36 Бул азык Мисир жеринде боло турган жети жылдык ачарчылыкта жер жүзү ачарчылыктан кырылып калбаш үчүн камдалган азык болсун».

**Жусуп – Мисирдин башкаруучусу**

37 Бул сөз фараонго жана анын кызматчыларынын бардыгына жакты.

38 Ошондо фараон кызматчыларына мындай деди: «Кудайдын Руху бар ушундай адамды таба алабызбы?»

39 Анан фараон Жусупка мындай деди: «Кудай сага ушунун бардыгын ачып бергендиктен, сендей акылдуу, сендей даанышман адам жок.

40 Сен менин үйүмдү башкарасың, сенин сөзүңдү бүт элим угат, бирок мен сенден тактым менен жогору турам».

41 Ошентип, фараон Жусупка: «Мен сени бүткүл Мисир жерине эл башчы кылып коём», – деди.

42 Анан фараон колунан шакек мөөрүн чыгарып, Жусуптун колуна салды. Үстүнө зыгыр буласынан кийим кийгизип, мойнуна алтын чынжыр такты.

43 Анан аны өзүнүн арабаларынын экинчисине отургузууга, элге: «Таазим кылгыла!» – деп жар салууга буйрук берди. Ошентип, фараон аны бүткүл Мисир жерине эл башчы кылып койду.

44 Анан фараон Жусупка: «Мен фараонмун, бүткүл Мисир жеринде сенсиз эч ким эч нерсе кылбайт», – деди.

45 Фараон Жусупка Сапенат-Панейах деген ат койду. Ага аялдыкка Оондун буткана кызматчысы Потипердин кызы Асинатты алып берди. Жусуп бүткүл Мисир жерин аралаганы чыкты.

46 Жусуп Мисир падышасы фараондун алдына келгенде, отуз жашта эле. Жусуп фараондон чыгып, бүткүл Мисир жерин аралап чыкты.

47 Жер мол түшүмдүү жети жылда ар бир баш буудайдан кочуш толтура дан берип жатты.

48 Ошондо ал Мисир жеринде болгон түшүмдүү жети жылдын ичиндеги бардык эгинди жыйнап, шаарларга жыйып койду. Ар бир шаарга ошол шаардын тегерегиндеги талаанын эгинин жыйдырды.

49 Ошентип, Жусуп абдан көп эгин жыйды. Эгин деңиз кумундай көп болгондуктан, санаганын да токтотту, анткени санак жетпей калды.

50 Ачарчылык келгенге чейин, Жусуп эки уулдуу болду. Аларды ага Оондун буткана кызматчысы Потипердин кызы Асинат төрөп берди.

51 «Кудай менин бардык азабымды, атамдын үйүн унуттурду», – деп, Жусуп тун уулунун атын Менаше койду.

52 «Кудай мени азап чеккен жеримде жемиштүү кылды», – деп, экинчисинин атын Эпрайым койду.

53 Ошентип, Мисир жериндеги мол түшүмдүү жети жыл өтүп кетти.

54 Анан Жусуп айткан жети жылдык ачарчылык келди. Бардык жерде ачарчылык болду, бирок Мисир жери нандан өксүгөн жок.

55 Мисир жеринде да ачарчылык башталганда, эл фараондон эгин сурап боздой баштады. Ошондо фараон бүткүл мисирликтерге: «Жусупка баргыла, ал эмне десе, ошону кылгыла», – деди.

56 Бүт жер жүзүндө ачарчылык болду. Жусуп бардык кампаларды ачып, Мисир элине эгин сата баштады. Ачарчылык Мисир жеринде күчөгөндөн күчөй берди.

57 Ошондо Мисирге Жусуптан эгин сатып алыш үчүн, бардык өлкөлөрдөн келип жатышты, анткени ачарчылык бүт жер жүзүндө күчөп турган эле.

## 42-БӨЛҮМ

### Жусуптун бир туугандары Мисирде

1 Жакып Мисирде эгин бар экенин угуп, уулдарына: «Эмне бири-бириңерди карап отурасыңар?

2 Мен Мисирде эгин бар деп уктум. Өлбөй тирүү калышыбыз үчүн, ошол жакка барып, эгин сатып келгиле», – деди.

3 Ошондо Жусуптун он бир тууганы Мисирге эгин сатып келгени жөнөп кетишти.

4 Бирок Жусуптун бир тууганы Бенжеминди Жакып аларга кошуп жиберген жок. Анткени ал: «Бул да кырсыкка учурап калбасын», – деди.

5 Ошентип, Ысрайылдын уулдары башкалар менен кошо эгин сатып алууга келишти, анткени Канаан жеринде ачарчылык болуп жаткан эле.

6 Жусуп болсо ал жердин башкаруучусу болгондуктан, жер жүзүндөгү бардык элге эгин сатып жаткан. Жусуптун бир туугандары келип, жерге чейин ийилип, ага таазим этишти.

7 Ошондо Жусуп бир туугандарын көрүп, аларды тааныды, бирок таанымаксан болуп: «Кайдан келдиңер?» – деп, зекий сурады. Алар: «Канаан жеринен, азык сатып алганы келдик», – дешти.

8 Жусуп бир туугандарын тааныды, бирок алар аны таанышкан жок.

9 Ошондо Жусуп алар жөнүндө көргөн түштөрүн эстеп, аларга: «Силер чалгынчысыңар, бул жердин начар жерлерин көргөнү келдиңер», – деди.

10 Алар: «Андай эмес, таксыр, кулдарың азык сатып алганы келишти.

11 Биз бардыгыбыз бир атанын балдарыбыз. Биз чынчыл адамдарбыз. Кулдарың чалгынчы болгон эмес», – дешти.

12 Жусуп аларга: «Жок, силер бул жердин начар жерлерин көргөнү келдиңер», – деди.

13 Алар: «Биз, сенин кулдарың, он эки бир тууганбыз. Биз Канаан жеринде жашаган бир адамдын балдарыбыз, кенже бир тууганыбыз азыр атабыздын жанында, ал эми бирөө жок болду», – дешти.

14 Жусуп аларга: «Силер чалгынчысыңар деп, мен ошон үчүн айткам.

15 Эми силер минтип сыналасыңар: фараондун өмүрү менен ант берем, эгерде бул жерге кенже бир тууганыңар келбесе, силер бул жерден чыкпайсыңар.

16 Араңардан бирөөнү жибергиле, ал барып, бир тууганыңарды алып келсин. Силер болсо камала турасыңар. Ошондо силердин айтканыңар чын же калп экени билинет. Чын болбосо, фараондун өмүрү менен ант берем, силер чалгынчысыңар», – деди.

17 Ошентип, Жусуп аларды үч күнгө каматып койду.

18 Үчүнчү күнү Жусуп мындай деди: «Эми мындай кылсаңар, тирүү каласыңар, анткени мен Кудайдан корком.

19 Эгерде силер чынчыл адамдар болсоңор, анда бирөөңөр силер камалган үйдө камалып турсун. Калганыңар ачка отурган үй-бүлөңөргө эгинди жеткиргиле.

20 Айтканыңар чын болсо, өлгүңөр келбесе, кенже бир тууганыңарды алып келгиле». Алар так ошондой кылышты.

21 Ошондо алар бири-бирине: «Биз бир тууганыбызга кылган күнөөбүз үчүн жазаланып жатабыз. Биз анын жаны кыйналып турганын көргөнбүз, ал бизге жалынып-жалбарганда, аны укпай койгонбуз, ошон үчүн башыбызга ушул кайгы түштү», – дешти.

22 Рубейин аларга мындай деди: «“Балага каршы күнөө кылбагыла”, – деп айтпадым беле? Бирок силер тил албай койгонсуңар. Мына эми анын каны үчүн жазаланып жатабыз».

23 Алар болсо Жусуптун түшүнүп турганын билишкен жок, анткени алардын ортосунда тилмеч бар эле.

24 Жусуп бурулуп, нары басты да, ыйлап жиберди. Анан кайра келип, алар менен сүйлөшүп, алардын ичинен Шымонду алып, бир туугандарынын көзүнчө байлатып салды.

**Жусуптун бир туугандарынын Канаанга кайтып келиши**

25 Анан Жусуп: «Булардын каптарына эгин толтуруп, ар биринин каптарына күмүштөрүн кайра салып, жолго жетерлик азык бергиле», – деп буйрук берди. Аларга так ошондой кылышты.

26 Алар эгиндерин эшектерине артып, ал жерден жөнөп кетишти.

27 Жолдо түнөгөнү токтошкондо, алардын бири эшегине жем бермек болуп, каптын оозун чечип, оозунан өзүнүн күмүшүн көрдү.

28 Анан ал бир туугандарына: «Менин күмүшүмдү кайра салып коюшуптур. Мына, ал менин кабымда экен», – деди. Ошондо алардын тынчы кетип, корконунан калтырашып, бири-бирине: «Кудайдын бизге бул эмне кылганы?» – дешти.

29 Алар Канаан жерине, атасы Жакыпка келип, болгон окуялардын баарын мындай деп айтып беришти:

30 «Ал жердин башкаруучусу зекий сүйлөп, бизди чалгынчы катары эсептеди.

31 Ошондо биз ага: “Биз чынчыл адамдарбыз, биз чалгынчы болуп көргөн эмеспиз.

32 Биз бир атадан он эки бир тууганбыз. Бир бир тууганыбыз жок болгон, кенже бир тууганыбыз азыр Канаан жеринде, атабыздын жанында”, – дедик.

33 Анан ал жерди башкарган адам бизге: “Силердин чынчыл адам экениңерди мен мындан билейин: бир туугандарыңардын бирин мага калтырып, калганыңар эгинди алып, ачка отурган үй-бүлөңөргө жеткиргиле.

34 Анан кенже бир тууганыңарды мага алып келгиле. Силердин чалгынчы эмес, чынчыл экениңерди ошондо билип, бир тууганыңарды колуңарга берем, ошондо силер бул өлкөгө ээн-эркин келип-кетсеңер болот”, – деди».

35 Алар каптарын бошотуп жатканда, ар биринин кабынан күмүш салынган түйүнчөктөрү чыкты. Күмүш салынган түйүнчөктөрүн көрүшкөндө, өздөрү да, атасы да коркуп кетти.

36 Ошондо атасы Жакып аларга: «Силер мени балдарымдан айрыдыңар. Жусуптан айрылдым, Шымондон да айрылдым, эми Бенжеминди алып кеткиңер барбы?! Мунун баары менин башыма түшкөн мүшкүл!» – деди.

37 Рубейин атасына мындай деди: «Эгерде мен сага Бенжеминди алып келбесем, эки уулумду өлтүрүп сал. Аны менин колума тапшыр, мен аны кайра алып келем».

38 Жакып аларга: «Уулум силер менен барбайт, анткени агасы өлүп, өзү жалгыз калды. Эгерде силер бараткан жолдо бул да кырсыкка учураса, ак баскан башыма кайгы кошуп, өлгөндөр жаткан жайга жибересиңер», – деди.

## 43-БӨЛҮМ

### Бенжемин бир туугандары менен Мисирде

1 Жер жүзүндө ачарчылык күчөдү.

2 Алар Мисирден алып келген эгинди жеп бүтүшкөндөн кийин, атасы уулдарына: «Дагы барып, бир аз азык сатып келгиле», – деди.

3 Ошондо Жүйүт атасына мындай деди: «Ал киши бизге чечкиндүү түрдө: “Эгерде силер менен кошо бир тууганыңар келбесе, көзүмө көрүнбөгүлө”, – деген.

4 Эгерде инибизди биз менен кошо жиберсең, барып, сага азык сатып келебиз.

5 Эгерде жибербей турган болсоң, анда барбайбыз, анткени ал киши: “Эгерде силер менен кошо бир тууганыңар келбесе, көзүмө көрүнбөгүлө”, – деген».

6 Ошондо Ысрайыл аларга: «Эмнеге мага ушундай жамандык кылдыңар? Ал кишиге дагы бир инибиз бар деп, эмнеге айттыңар?» – деди.

7 Алар: «Ал киши биз жөнүндө, үй-бүлөбүз жөнүндө сураштырып: “Атаңар дагы эле тирүүбү? Бир тууганыңар барбы?” – деди. Ал бизге суроо бергенинен улам жооп бердик. Анын бизге иниңерди алып келгиле дээрин кайдан билдик?» – деп жооп беришти.

8 Жүйүт атасы Ысрайылга: «Баланы мени менен жибер, биз ордубуздан туруп, жолго чыгалы, анан биз да, сен да балдарыбыз менен кошо өлбөй тирүү калабыз.

9 Ал үчүн мен жооп берем, аны менден сурайсың. Эгерде мен аны алып келип, алдыңа койбосом, өмүр бою сенин алдыңда айыптуу бойдон калайын.

10 Биз минтип кечиктирбегенде, эмгиче эки барып келмекпиз», – деди.

11 Атасы Ысрайыл аларга мындай деди: «Андай болсо мындай кылгыла: өзүңөр менен кошо бул жердин мөмө-жемишинен алып, ал кишиге белек катары бир аз бальзам, бир аз бал, стиракс менен ладан жыгачтарынын чайырынан, мистеден, бадам жаңгагынан алып барып бергиле.

12 Колуңарга мурункудан башка күмүш алгыла. Ал эми кабыңардын оозуна кайра салып койгон күмүштү өз колуңар менен кайра бергиле, мүмкүн, бул жаңылыштыктан болгондур.

13 Бир тууганыңарды алгыла да, туруп, ошол кишиге кайра баргыла.

14 Кудуреттүү Кудай силерди ал кишиден ырайым таптырсын, ал Шымон бир тууганыңарды да, Бенжеминди да коё берсин. Эгерде баласыз өтө турган болсом, баласыз эле өтөйүн».

15 Ошентип, бул адамдар ушул белектерди, мурункудан эки эсе көп күмүш жана Бенжеминди алып, Мисирге жөнөштү. Алар Жусуптун алдына келишти.

16 Жусуп алардын арасынан Бенжеминди көрүп, өз үйүнүн башчысына мындай деди: «Бул адамдарды үйгө киргизип, мал союп, тамак бышыр, анткени бул адамдар мени менен түштөнүшөт».

17 Ошондо ал адам Жусуп айткандай кылып, бул кишилерди Жусуптун үйүнө киргизди.

18 Жусуптун үйүнө киргизишкенинен улам, бул кишилер коркуп кетишип: «Бул кабыбызга кайра салынган мурунку күмүштөр үчүн болуп жатат. Кыйкым таап, бизди айыпка жыгып, кулга айландырып, эшектерибизди тартып алыш үчүн үйгө киргизишти», – дешти.

19 Ошондо алар Жусуптун үй башкаруучусуна жакын келишип, ага эшиктин жанынан мындай деп сүйлөй башташты:

20 «Кулак салчы, мырза, биз мурун да азык сатып алганы келгенбиз.

21 Жолдо түнөгөн жерибизде каптарыбызды ачсак, ар бирибиздин күмүшүбүз каптарыбыздын оозунда экен, салмагы кемибептир. Азыр биз аларды өз колубуз менен кайра бергени келдик.

22 Ал эми азык сатып алыш үчүн, башка күмүш ала келдик. Каптарыбызга күмүшүбүздү ким салып койгонун билбейбиз».

23 Ал: «Тынчсызданбай эле койгула, коркпогула. Силердин Кудайыңар, атаңардын Кудайы, кабыңарга кенч салып берди. Мен силердин күмүшүңөрдү алгам», – деди да, аларга Шымонду алып келди.

24 Анан ал киши буларды Жусуптун үйүнө киргизип, суу берди. Алар буттарын жуушту. Ал булардын эшектерине да жем берди.

25 Алар белектерин түшкө маал, Жусуп келер убакытка жакын даярдап коюшту, анткени ошол жерде тамактанышарын угушкан эле.

26 Жусуп үйүнө келгенде, алар колдорундагы белектерин үйгө алып кирип, ага беришти, анан жерге чейин ийилип таазим этишти.

27 Жусуп алардын ден соолугун сурады. Анан мындай деди: «Силер айткан кары атаңар күүлүү-күчтүүбү, дагы эле тирүүбү?»

28 Алар: «Сенин кулуң, биздин атабыз күүлүү-күчтүү, тирүү», – деп жооп беришти. Анан баш ийип таазим этишти.

29 Жусуп өзүнүн энесинин уулу, бир тууганы Бенжеминди көрүп: «Бул силер айткан кенже бир тууганыңарбы?» – деди. Анан ага кайрылып: «Уулум, Кудайдын ырайымы сени менен болсун!» – деди да,

30 шашылыш чыгып кетти, анткени бир тууганына болгон сүйүүсү артып, ыйлап жибере жаздаган эле. Ички бөлмөгө кирип, ошол жерде ыйлады.

31 Анан бетин жууп, кайра чыкты.  Өзүн колго алды да: «Тамак тарткыла», – деди.

32 Ага өзүнчө, аларга өзүнчө жана бирге түштөнгөн мисирликтерге өзүнчө тамак тартышты, анткени мисирликтер үчүн эврейлер менен бирге отуруп тамактануу жийиркеничтүү болчу.

33 Аларды Жусуптун алдына улуулата отургузушту, ошондо бул адамдар таң калып, бири-бирин карашты.

34 Жусуп аларга тамак тарттырып жатты, аларга караганда Бенжеминге беш эсе көп тартылды. Алар Жусуп менен бирге тойгончо ичип-жешти.

## 44-БӨЛҮМ

### Чөйчөктүн жоголушу

1 Анан Жусуп үй башкаруучусуна мындай деп буйрук берди: «Бул адамдардын каптарына алып кете алышынча эгин толтуруп, ар биринин күмүшүн өз-өз кабына салып кой.

2 Ал эми менин күмүш чөйчөгүмдү кенжесинин кабынын оозуна эгин сатып алган күмүшү менен кошо салып кой». Үй башчысы Жусуптун айтканындай кылды.

3 Эртең менен жарык киргенде, аларды эшектерине мингизип жөнөтүп жиберишти.

4 Алар шаардан узай электе, Жусуп үй башкаруучуга мындай деди: «Жөнө, бул адамдарды кууп жет. Кууп жеткениңде, аларга: “Эмне үчүн жакшылыкка жамандык менен жооп бердиңер?

5 Бул мырзамдын аш иче турган чөйчөгү эмеспи? Ал бул чөйчөк менен төлгө ачат. Силер жаман иш кылдыңар!” – де».

6 Ал кууп жетип, аларга ушул сөздөрдү айтты.

7 Алар ага: «Мырзабыз эмне үчүн мындай сөздөрдү айтып жатат? Жок, кулдарың мындай иштерди кылбайт.

8 Каптарыбыздын ооздорунан тапкан күмүштөрдү биз Канаан жеринен сага кайра алып келбедик беле. Эми кантип мырзаңдын үйүнөн күмүш же алтын уурдамак элек?

9 Сенин кулдарыңдын кимисинен табылса, ал өлүм жазасына тартылсын жана биз мырзабызга кул бололу», – дешти.

10 Ал: «Жакшы болот, силер кандай айтсаңар, ошондой болсун: чөйчөк кимден табылса, ал мага кул болуп калат, ал эми силер айыптуу болбойсуңар», – деди.

11 Алар каптарын шашылыш түрдө жерге түшүрүштү. Ар бири өз кабын ачты.

12 Үй башчысы бир туугандардын каптарын улуусунукунан баштап кичүүсүнүкүнө чейин тинтип чыкты. Чөйчөк Бенжеминдин кабынан табылды.

13 Ошондо алар өз кийимдерин айрып, ар бири өз жүгүн эшегине артып, шаарга кайтып келишти.

14 Анан Жүйүт бир туугандары менен Жусуптун үйүнө келди. Ал үйүндө экен. Алар анын алдына келип, жерге жыгылышты.

15 Жусуп аларга: «Бул эмне кылганыңар? Силердин эмне кылганыңарды мендей адам, сөзсүз, билип коёрун билген жок белеңер?» – деди.

16 «Мырзабызга эмнени айтмак элек? Эмне демек элек? Эмне деп актанмак элек? Кудай кулдарыңдын айыбын ачты. Эми биз да, чөйчөктү алган адам да мырзабыздын кулу болобуз», – деди Жүйүт.

17 Бирок Жусуп мындай деди: «Жок, мен мындай кылбайм. Кимдин колунан чөйчөк табылса, ошол мага кул болот, ал эми силер атаңарга тынчтык менен бара бергиле».

**Жүйүттүн Бенжемин жөнүндөгү өтүнүчү**

18 Ошондо Жүйүт ага басып келип, мындай деди: «Мырзам, кулуңдун сөзүнө кулак салсаң экен. Кулуңа каарданбасаң экен, анткени сен фараондай эле адамсың.

19 Мырзам кулдарынан: “Атаңар же бир тууганыңар барбы?” – деп сурады эле.

20 Биз мырзабызга: “Биздин карыган атабыз жана анын карыганда көргөн кенже уулу бар, бир тууганы өлүп, ал бир энеден жалгыз калды. Аны атасы жакшы көрөт”, – дегенбиз.

21 Сен болсо кулдарыңа: “Аны мага алып келгиле, мен көрөйүн”, – дедиң.

22 Биз мырзабызга: “Бала атасын таштай албайт. Эгерде ал атасын таштап кетсе, анда атасы өлүп калат”, – дедик.

23 Бирок сен кулдарыңа: “Эгерде кенже иниңер силер менен кошо келбесе, мындан ары көзүмө көрүнбөгүлө”, – дедиң.

24 Биз сенин кулуңа – атабызга барып, мырзабыздын сөздөрүн айттык.

25 Анан атабыз: “Дагы барып, бир аз эгин сатып келгиле”, – деди.

26 Биз ага: “Биз бара албайбыз. Эгерде кенже бир тууганыбыз биз менен барса, барабыз, анткени кенже бир тууганыбыз биз менен барбаса, тиги кишинин жүзүн көрүүгө болбойт”, – дедик.

27 Ошондо сенин кулуң – биздин атабыз мындай деди: “Аялым мага эки уул төрөп бергенин силер билесиңер.

28 Бирөөнөн ажырадым, ошондо: “Чын эле, ал жырткычка таланса керек”, – дедим эле. Анткени мен аны бүгүнкү күнгө чейин көрө элекмин.

29 Эми муну да алсаңар, бул да бир кырсыкка учураса, карыган кезимде кайгыга салып, өлгөндөр жаткан жайга жибересиңер”.

30 Эгерде мен сенин кулуңа – атама барганда, жанындай көргөн баласы жаныбызда болбосо,

31 анда ал баласы жок экенин көрүп, өлүп калат, кулдарың сенин кулуңду – чачын ак баскан атабызды кайгыга малып, өлгөндөр жаткан жайга жиберет!

32 Анын үстүнө, мен, кулуң, бала үчүн жооп берүү милдетин алып: “Эгерде аны сага алып келбесем, анда мен сенин алдыңда өмүр бою айыптуу болоюн”, – деген элем.

33 Ошондуктан мен, кулуң, бул баланын ордуна сага, мырзама, кул болуп калайын, бала болсо бир туугандары менен кете берсин.

34 Анткени бала жанымда болбосо, атама кантип барам? Атамдын башына түшкөн кайгыны кантип карап турам?»

**45-БӨЛҮМ**

**Жусуптун бир туугандарына өзү жөнүндө айтышы**

1 Ошондо Жусуп жанында тургандардын алдында өзүн кармай албай: «Менин жанымда турган адамдардын бардыгы чыксын», – деп кыйкырып жиберди. Жусуп бир туугандарына өзүнүн ким экенин айтканда, жанында эч ким жок эле.

2 Ал катуу ыйлап жибергендиктен, аны мисирликтер да, фараондун үй ичи да укту.

3 Анан Жусуп бир туугандарына: «Мен Жусупмун, деги атам тирүүбү?» – деди. Бирок бир туугандары жооп бере албай калышты, анткени алар анын алдында коркуп турушту.

4 Ошондо Жусуп бир туугандарына: «Мага жакын келгилечи», – деди. Алар жакын келишти. Ал: «Мен Жусупмун, силердин Мисирге сатып жиберген бир тууганыңармын.

5 Бирок азыр кайгырбагыла, мени бул жакка сатып жибергениңерге өкүнбөгүлө, анткени Кудай силердин өмүрүңөрдү сактап калыш үчүн, мени бул жакка силерден мурун жиберди.

6 Анткени жер үстүндө ачарчылык башталганына эки эле жыл болду, дагы беш жыл жер да айдалбайт, эгин да орулбайт.

7 Силерди жер үстүндө калтырыш үчүн жана улуу куткаруу иши менен өмүрүңөрдү сактап калуу үчүн, Кудай мени силерден мурун жиберди.

8 Ошондуктан мени бул жакка силер эмес, Кудай жиберди. Ал мени фараондун атасы, анын бүт үйүнүн мырзасы, бүткүл Мисир жеринин эгедери кылып койду.

9 Атама тезирээк баргыла да: Уулуң Жусуп мындай дейт дегиле: “Кудай мени бүткүл Мисир жерине мырза кылып койду. Мага тез кел.

10 Сен Гошен деген жерде жашайсың. Сен уулдарың, уулдарыңдын уулдары, майда жана бодо малың менен, өзүңдүн бардык мүлкүң менен менин жанымда болосуң.

11 Ошол жерде мен сени багам, анткени дагы беш жыл ачарчылык болот. Өзүң да, үйүң да, кишилериң да жакырданып кетпесин”.

12 Силерге өз оозум менен айтып жатканымды өзүңөр да, бир тууганым Бенжемин да өз көзү менен көрүп турат.

13 Атама Мисирдеги бүткүл атак-даңкымды, көргөнүңөрдүн бардыгын айтып баргыла да, атамды тезирээк бул жерге алып келгиле», – деди.

14 Анан ал бир тууганы Бенжеминди мойнунан кучактап ыйлады. Бенжемин да аны мойнунан кучактап ыйлады.

15 Анан бардык бир туугандарын өпкүлөп, аларды кучактап ыйлады. Андан кийин бир туугандары аны менен сүйлөшүштү.

16 Жусуптун бир туугандары келгендиги тууралуу кабар фараондун үйүнө жетти. Бул кабар фараонго да, анын кулдарына да жакты.

17 Ошондо фараон Жусупка мындай деди: «Бир туугандарыңа мындай деп айт: “Малыңарга жүк артып, Канаан жерине жөнөгүлө.

18 Атаңарды да, үй-бүлөңөрдү да алып, мага келгиле. Мен силерге Мисирдин эң жакшы жерин берем, силер семиз жердин жемишинен жейсиңер”.

19 Сага болсо аларга мындай деп айтууңду буйрук кылам: “Мындай кылгыла де: Балдарыңар менен аялдарыңар үчүн Мисир жеринен араба алгыла, атаңарды алып келгиле.

20 Буюмдарыңар үчүн өкүнбөгүлө, анткени силерге бүткүл Мисир жериндеги эң жакшы нерселерди берем”».

21 Ысрайыл уулдары ошондой кылышты. Жусуп аларга фараондун буйругу боюнча арабаларды, жол азыктарын берди.

22 Ар бирине алмаштырып кийгидей кийим берди. Бенжеминге болсо үч жүз күмүш тыйын жана беш сыйра кийим берди.

23 Ал эми атасына Мисирдин эң жакшы жер-жемиштери жүктөлгөн он эшек, эгин жана атасынын жолуна камдалган тамак-аш жүктөлгөн он ургаачы эшек жөнөттү.

24 Жусуп бир туугандарын ошентип коё берди. Алар жөнөп кетишти. Аларга: «Жолдо урушпай баргыла», – деди.

25 Алар Мисирден чыгып, Канаан жерине, атасы Жакыпка келип, ага:

26 «Жусуп тирүү экен, азыр ал бүткүл Мисир жерин башкарып турат», – дешти. Бирок Жакып кош көңүл мамиле кылып койду, анткени аларга ишенген жок.

27 Алар ага Жусуптун айткан сөздөрүнүн бардыгын айтып беришти. Өзүн алып кетиш үчүн Жусуп жөнөткөн арабаларды көргөндөн кийин гана алардын атасы Жакыптын руху жандана түштү.

28 Ошондо Ысрайыл мындай деди: «Уулум Жусуп тирүү экенине эми ишендим, көзүм өтө элегинде барып, аны көрүп калайын».

**46-БӨЛҮМ**

**Жакыптын Мисирге жол тартуусу**

1 Ошентип, Ысрайыл өзүнүн бардык мал-мүлкү менен жолго чыгып, Бейер-Шебага келди да, атасы Ыскактын Кудайына курмандык чалды.

2 Ошондо Кудай Ысрайылды түнкү көрүнүштө: «Жакып! Жакып!» – деп чакырды. Ал: «Мына мен», – деп жооп берди.

3 Кудай ага мындай деди: «Мен Кудаймын, атаңдын Кудайымын. Мисирге баргандан коркпо, анткени ошол жерде Мен сенден улуу эл жаратам.

4 Мен Мисирге сени менен барам. Мен сени ал жерден кайра алып чыгам. Жусуп сенин көзүңдү өз колу менен жабат».

5 Ошондо Жакып Бейер-Шебадан чыкты. Ысрайылдын уулдары атасы Жакыпты, балдарын, аялдарын арабаларга салып, алып жөнөштү. Жакыпты алып келүү үчүн, ал арабаларды фараон жиберген эле.

6 Ошентип, алар Канаан жеринде тапкан мал-мүлкүн алып, Мисирге келишти. Ал жерге Жакып жана анын бүт тукуму келди.

7 Ал өзү менен бирге Мисирге уулдары менен неберелерин, кыздары менен жээндерин, бардык тукумун алып келди.

8 Мисирге келген Ысрайыл уулдарынын аттары мындай: Жакып жана анын уулдары: Жакыптын туну Рубейин.

9 Рубейиндин уулдары: Ханох жана Палу, Хесрон жана Карми.

10 Шымондун уулдары: Жемуел, Жамин, Ойат, Жахин, Сохар жана канаандык аялдан төрөлгөн Шабул.

11 Лебинин уулдары: Гейиршон, Каат жана Мерари.

12 Жүйүттүн уулдары: Эйир, Онан, Шейла, Перес жана Зерак, бирок Эйир менен Онан Канаан жеринде өлгөн. Перестин уулдары: Кесрон менен Хамул.

13 Исахардын уулдары: Тола жана Пуба, Аюб жана Шимрон.

14 Забулундун уулдары: Серет, Эйлон жана Жахлиел.

15 Булар – Месопотамияда Леянын Жакыптан төрөгөн уулдары жана анын кызы Дина. Анын бардык уул-кыздары – отуз үч жан.

16 Гаттын уулдары: Сипон жана Хаги, Шуни жана Эспон, Эйри, Ароту жана Арейли.

17 Ашырдын уулдары: Имна жана Ишпа, Ишпи жана Бирия, алардын карындашы Серак. Бириянын уулдары: Хебер жана Малкиел.

18 Булар – Зилпанын уулдары. Зилпаны Лабан өз кызы Леяга берген. Ал Жакыпка он алты бала төрөп берген.

19 Жакыптын аялы Рахелдин уулдары: Жусуп жана Бенжемин.

20 Мисир жеринде Жусуптан Менаше менен Эпрайым төрөлдү. Аларды ага оондук буткана кызматчысы Потипердин кызы Асинат төрөп берди.

21 Бенжеминдин уулдары: Бела, Бехер жана Ашбел. Гейра жана Нааман, Эйхи жана Рош, Мупим, Хупим жана Арт.

22 Булар – Рахелдин Жакыптан төрөгөн уулдары, бардыгы болуп он төрт жан.

23 Дандын уулу: Хушим.

24 Напталынын уулдары: Жахсиел жана Гуни, Жетсер жана Шилем.

25 Булар – Биланын уулдары. Биланы Лабан өз кызы Рахелге берген. Ал Жакыпка бардыгы болуп жети бала төрөп берген.

26 Жакып менен бирге Мисирге келгендердин, Жакыптын уулдарынын аялдарынан башка, анын өз канынан чыккандардын саны бардыгы болуп алтымыш алты жан эле.

27 Жусуптан Мисирде эки уул төрөлгөн. Жакыптын Мисирге келген кишилеринин саны бардыгы болуп жетимиш жан.

**Жакыптын фараонго бата бериши**

28 Гошенге жол көрсөтсүн деп, Жакып Жүйүттү Жусупка өзүнөн мурун жиберди. Алар Гошенге келишти.

29 Жусуп арабасын кошуп, атасы Ысрайылды тосуп алганы Гошенге жөнөп кетти. Ал атасын көргөндө, аны мойнунан кучактап, көпкө чейин ыйлады.

30 Ошондо Ысрайыл Жусупка: «Эми өлсөм болот, сенин жүзүңдү көрдүм, сен тирүү экенсиң», – деди.

31 Жусуп бир туугандарына жана атасынын үй-бүлөсүнө: «Мен барып, фараонго кабарлап: “Канаан жериндеги бир туугандарым менен атамдын үй-бүлөсү мага келишти.

32 Алар – койчулар, мал багышат. Алар майда жана бодо малын, бардык мал-мүлкүн ала келишти”, – деп айтайын.

33 Эгерде фараон силерди чакырып: “Силердин кесибиңер эмне?” – деп сураса,

34 силер: “Сенин кулдарың биз да, аталарыбыз да жаш чагыбыздан бүгүнкү күнгө чейин мал багып келгенбиз”, – деп айткыла. Ошондо Гошен жеринде жашап каласыңар. Анткени мисирликтер үчүн койчулардын баары жийиркеничтүү», – деди.

**47-БӨЛҮМ**

1 Жусуп фараонго келип, мындай деп кабарлады: «Канаан жеринен атам менен бир туугандарым майда жана бодо малы менен, өздөрүнүн бардык мал-мүлкү менен келишти. Азыр алар Гошен жеринде».

2 Анан ал бир туугандарынын арасынан бешөөнү алып барып, фараонго тааныштырды.

3 Ошондо фараон анын бир туугандарынан: «Силердин кесибиңер эмне?» – деп сурады. Алар фараонго: «Сенин кулдарың биз да, аталарыбыз да койчубуз», – деп жооп беришти.

4 Алар фараонго: «Биз бул жерге жашаганы келдик, анткени кулдарыңдын малына жайыт жок, Канаан жеринде катуу ачарчылык болуп жатат. Ошондуктан кулдарыңа Гошен жеринде жашоого уруксат бер», – дешти.

5 Ошондо фараон Жусупка кайрылып, мындай деди: «Атаң менен бир туугандарың сага келди.

6 Мисир жери кол астыңда. Атаң менен бир туугандарыңды эң жакшы жерге жайгаштыр. Алар Гошен жеринде жашашсын. Эгерде алардын арасында жөндөмдүү кишилер бар экенин билсең, аларды менин малымдын үстүнөн көз салуучу кылып дайында».

7 Анан Жусуп атасы Жакыпты фараонго алып келип тааныштырды. Жакып фараонго батасын берди.

8 Фараон Жакыптан: «Канча жашка келдиң?» – деп сурады.

9 Жакып фараонго: «Жер бетинде келгин болуп жашаганыма жүз отуз жыл болду. Ата-бабаларымдын жер бетинде келгин болуп жашаган жашына жеткен жокмун, аз жашадым, азаптуу күндөрдү өткөрдүм», – деди.

10 Жакып фараонго батасын берип, фараондукунан чыкты.

11 Ошентип, Жусуп атасы менен бир туугандарын Мисир жерине жайгаштырып, фараон айткандай, жер соорусу Раамсес аймагын алардын энчисине берди.

**Ачарчылык**

12 Жусуп атасы менен бир туугандарын, атасынын бүт үй-бүлөсүн ар бир үй-бүлөдөгү кишинин санына жараша эгин менен камсыз кылып турду.

13 Ачарчылык аябай күч алгандыктан, бүт жер жүзүндө эгин түгөнүп, Мисир жери да, Канаан жери да жабыркады.

14 Жусуп эгин сатып, Мисир жери менен Канаан жериндеги күмүштүн баарын жыйнап, фараондун үйүнө киреше кылып киргизди.

15 Ошентип, күмүш Мисир жери менен Канаан жеринде түгөндү. Мисирликтердин бардыгы Жусупка келип: «Бизге нан бер, сенин алдыңда өлгөнүбүздүн эмне кереги бар, анткени күмүшүбүз түгөндү», – дешти.

16 Жусуп аларга: «Күмүшүңөр түгөнсө, малыңарды айдап келгиле, эгинди малга айырбаштайм», – деди.

17 Ошондо алар Жусупка малдарын айдап келишти. Жусуп аларга жылкыларынын, майда жана бодо малдарынын, эшектеринин ордуна эгин берип турду. Ал жылы аларды берген малынын ордуна эгин менен камсыз кылып турду.

18 Ошентип, ал жыл да өттү. Кийинки жылы да алар Жусупка келип: «Мырзабыздан жашырбайбыз, күмүшүбүз түгөндү, бүт малыбыз да мырзабыздын колунда. Мырзабыздын алдында өзүбүз менен жерибизден башка эч нерсебиз калган жок.

19 Сенин көз алдыңда өзүбүз өлүп, жерибиздин ээн калганынын эмне кереги бар? Өзүбүздү да, жерибизди да эгинге сатып ал. Биз жерибиз менен фараонго кул бололу, өлбөй тирүү калышыбыз үчүн, жерибиз ээн калбашы үчүн, бизге үрөн бер», – дешти.

20 Ошондо Жусуп бүткүл Мисир жерин сатып алып, фараондун карамагына өткөрдү. Ачарчылык кыйнагандыктан, мисирликтердин баары өз талааларын сатышты. Ошентип, жер фараондун карамагына өттү.

21 Фараон Мисирдин бир четинен экинчи четине чейин жашаган элди кул кылып алды.

22 Жусуп буткана кызматчыларынын гана жерлерин сатып алган жок, анткени буткана кызматчылары фараондон жер алууга тийиш эле. Алар фараон берген жер менен оокат кылышкан, ошондуктан жерлерин сатышкан жок.

23 Ошондо Жусуп элге кайрылып: «Мына эми мен силерди да, жериңерди да фараондун карамагына өткөрдүм. Мына бул үрөндү алып, жериңерге эккиле.

24 Түшүмдү жыйнаганыңардан кийин, анын бештен бир бөлүгүн фараонго бергиле, ал эми төрт бөлүгү талаага сепкениңерге, өзүңөр жегениңерге, үйүңөрдө жашагандарыңарга, балдарыңардын жегенине калсын», – деди.

25 Алар Жусупка: «Сен биздин өмүрүбүздү сактап калдың. Мырзабыздын алдында ырайым табалы, фараонго кул бололу», – дешти.

26 Ошентип, Жусуп Мисир жеринде бүгүнкү күнгө чейин күчүндө болгон мындай мыйзам чыгарды: «Фараонго таандык болбогон буткана кызматчыларынын жеринен башка жерлерден алынган түшүмдүн бештен бир бөлүгү фараонго берилсин».

**Жусуптун ант бериши**

27 Ысрайыл Мисирдеги Гошен жерине отурукташып калгандан кийин, укумдап-тукумдап, абдан көбөйдү.

28 Жакып Мисир жеринде он жети жыл жашап, жүз кырк жети жашка чыкты.

29 Ысрайылдын өлөр убагы жакындаганда, уулу Жусупту чакырып, мындай деди: «Эгерде мен сенин алдыңда ырайым тапкан болсом, мага ырайым жана акыйкаттык кылып, сенин сөөгүңдү Мисирге калтырбайм деп, колуңду саныма коюп ант бер.

30 Ата-бабаларым жаткан жерге жатайын, мени Мисирден алып чыгып, ошолордун көрүстөнүнө кой». Жусуп атасына: «Айтканыңдай кылам», – деди.

31 Атасы ага: «Ант бер», – деди. Баласы ага ант берди. Ысрайыл төшөгүнүн башында тизесин бүктү.

**48-БӨЛҮМ**

**Жакыптын Эпрайым менен Менашеге батасын бериши**

1 Ошондон кийин Жусупка: «Атаң ооруп жатат», – дешти. Ошондо ал Менаше жана Эпрайым деген эки уулун алып, атасына жөнөдү.

2 Жакыпка: «Сага уулуң Жусуп келе жатат», – деп кабарлашты. Ысрайыл бар күчүн жыйнап, төшөгүнө отурду.

3 Анан Жакып Жусупка мындай деди: «Кудуреттүү Кудай Канаан жериндеги Лузда мага келип, батасын берген.

4 Кудай мага: “Мен сени укум-тукумдуу кылам, сенден көптөгөн элдерди жаратам, бул жерди сенин тукумуңа түбөлүк ээлик кылууга берем”, – деген.

5 Мисирге, сага келгениме чейин, сенин Мисир жеринде туулган эки уулуң – Эпрайым менен Менаше эми менин уулдарым болот, Рубейин менен Шымон сыяктуу эле булар меники болот.

6 Сенден төрөлө турган, булардан кийинки балдар сеники болот. Ал балдар өз үлүштөрүндө өз бир туугандарынын аттары менен аталышат.

7 Мен Месопотамиядан келе жатканда, Канаан жеринде, жолдо, Эфратага бир аз жете бербей, өз колумда Рахелим көз жумду. Мен анын сөөгүн ошол жерге, Эфратага бара жаткан жолдо жашырдым, азыр ал жер Бейт-Лехем деп аталат».

8 Анан Ысрайыл Жусуптун балдарын көрүп: «Булар кимдер?» – деп сурады.

9 Жусуп атасына: «Булар менин уулдарым, буларды Кудай мага ушул жерден берди», – деп жооп берди. Ошондо Жакып ага: «Аларды мага жакын алып келчи, мен аларга батамды берейин», – деди.

10 Карылыктан Ысрайылдын көзүнүн курчу кетип, жакшы көрө албай калган эле. Жусуп уулдарын ага жакын алып келди. Жакып аларды кучактап өптү.

11 Ошондо Ысрайыл Жусупка: «Сенин жүзүңдү көрөм деп үмүттөнгөн эмес элем, бирок Кудай мага уулдарыңды да көрсөттү», – деди.

12 Жусуп уулдарын атасынын алдынан алып, ага башын ийип таазим этти.

13 Анан Жусуп Эпрайымды оң колуна алып, Ысрайылдын сол колуна алып келди, Менашени сол колуна алып, Ысрайылдын оң колуна алып келди.

14 Эпрайым кичүү болсо да, Ысрайыл оң колун анын башына, ал эми сол колун Менашенин башына койду. Менаше тун уул экенин билип турса да, ал колдорун ошондой койду.

15 Анан Жусупка батасын берип, мындай деди: «Аталарым Ыбрайым менен Ыскак табынган Кудай, мени жаралганымдан бүгүнкүгө чейин сактап келген Кудай,

16 мени ар кандай жамандыктан куткарган Периште бул балдарга батасын берсин. Булар менин атым менен, аталарым Ыбрайым менен Ыскактын аты менен аталышсын, жер бетинде укумдап-тукумдап көбөйүшсүн».

17 Жусуп атасынын оң колун Эпрайымдын башына койгонун көрүп, капа болду. Ал Эпрайымдын башынан атасынын колун алып, Менашенин башына коймокчу болуп, атасынын колун кармады да:

18 «Ата, андай эмес! Туну – бул. Оң колуңду мунун башына кой», – деди.

19 Бирок атасы ага макул болбой: «Билем, уулум, билем, андан да эл чыгат, ал да улуу эл болот, бирок кичүүсү андан чоң болот, андан чоң уруу тарайт», – деди.

20 Ысрайыл ошол күнү аларга батасын берип, мындай деди: «Ысрайыл сенин атыңды атап: Кудай сага Эпрайым менен Менашеге кылганындай кылсын», – деп батасын берет. Ошентип, ал Эпрайымды Менашеден жогору койду.

21 Анан Ысрайыл Жусупка мындай деди: «Менин көзүм өтүп баратат. Бирок Кудай силер менен болот, силерди ата-бабаңардын жерине кайра алып барат.

22 Аморлуктардын колунан кылычым менен, жаам менен тартып алган бир тилке жерди сени бир туугандарыңан артык көрүп, сага берем».

**49-БӨЛҮМ**

**Жакыптын Ысрайыл урууларына пайгамбарчылык кылып бата бериши жана көз жумушу**

1 Анан Жакып уулдарын чакырып: «Чогулуп келгиле, силерге алдыда эмне болорун айтып берейин.

2 Жакыптын уулдары, чогулуп келгиле, кулак салгыла, атаңар Ысрайылды уккула», – деди.

3 «Рубейин, менин тунум! Сен менин күч-кубатымсың, күчүмдүн башатысың, кадыр-баркың артып, кудуретке жеттиң.

4 Бирок сен суудай ташкындадың, ошондуктан тунгучтугуңдан айрыласың. Анткени атаңдын жаткан жерине кирип, төшөгүн булгадың.

5 Шымон менен Леби экөө бир тууган, алардын кылычтары – катаалдыктын куралдары.

6 Мен алардын кеңешине катышпайм, алардын жыйынына атак-даңкым кошулбайт. Анткени алар ачууга алдырып, эркектерди өлтүрүштү, өз каалоолору боюнча букалардын тарамыштарын кесишти.

7 Алардын каарына наалат, анткени ал катаал. Алардын ачуусуна каргыш тийсин, анткени ал жаалдуу. Аларды Жакыптын арасына таратам, Ысрайылдын арасына чачам.

8 Жүйүт! Сени бир туугандарың көкөлөтө макташат. Колуң душмандарыңдын мойнунда болот. Атаңдын уулдары сага таазим кылышат.

9 Жаш арстан Жүйүт уулум олжого тоюп, туруп келе жатат. Ал керилип, арстан сымал, ургаачы арстан сымал жатты. Аны ким тургуза алат?

10 Элдештирүүчү келмейинче, Жүйүттүн колунан бийлик таягы түшпөйт, тукумунан мыйзам чыгаруучу кетпейт. Ага элдер баш ийишет.

11 Ал жүзүм сабагына кодигин байлайт, эң мыкты жүзүм сабагына ургаачы эшегинин баласын байлайт. Шарапка кийимин, жүзүм ширесине жамынчысын жууйт.

12 Шараптан көздөрү жылтырап, сүттөн тиштери агарат.

13 Забулун деңиз жээгинде, кемелер токтоочу жайдын жанында жашайт, анын чеги Сидонго чейин жетет.

14 Исахар – эки суунун ортосунда жаткан күчтүү эшек.

15 Ал бейпилдик жакшы экенин, жер жагымдуу экенин көрдү: жүк көтөрүү үчүн ийинин тосуп, салык төлөө үчүн эмгек кыла баштады.

16 Дан Ысрайылдын бир уруусу катары өз элине калыстык кылат.

17 Дан жолдо жаткан жылан, жолуңдан чыккан уулуу жылан болот, атынын бутун чакса, чабандес чалкасынан кетет.

18 Теңирим, Сенин жардамыңдан үмүттөнөм!

19 Гатты калың эл кысымга алат, бирок ал аны артынан калбай кууп чыгарат.

20 Ашырдын тамак-ашы кенен болот, ал падышаныкындай тамак таап келип турат.

21 Напталы – келишимдүү жейрен, оозунан ширин сөз чыгат.

22 Жусуп – жемиштүү дарактын бутагы, булактын жанындагы жемиштүү дарактын бутагы. Анын шак-бутактары дубалдан ашып жайылат.

23 Жаа тарткычтар аны капа кылышты, ага кастык кылып, жаа тартышты,

24 бирок анын жаасы катуу бойдон калды. Жакыптын кудуреттүү Кудайы, Ысрайылдын Кайтаруучусу жана тиреги колдогондуктан, анын колунун булчуңдары бекем.

25 Атаңдын Кудайы сага да жардам берсин. Кудуреттүү Кудай сени жогорудан асман баталары менен, төмөндө туңгуюк башаттары менен алкасын, азыркы жана келечектеги укум-тукумуңа батасын берсин.

26 Байыркы тоолордун, түбөлүктүү дөбөлөрдүн баталарынан көп эсе артык турган атаңдын баталары менен батасын берсин. Ушул баталар Жусуптун башында жана бир туугандарынын арасынан тандалгандын башында болсун.

27 Бенжемин – жырткыч карышкыр, эртең менен карактаганын жейт, кечинде олжосун бөлүштүрөт».

28 Ысрайылдын он эки уруусу мына ушулар жана аларга атасынын айткандары да ушулар. Аларды алкап, ар бирине өз батасын берди.

29 Анан аларга мындай осуят кылды: «Мен эми өз элиме кошулганы бара жатам. Мени хеттиктердин Эпрон талаасындагы үңкүргө, ата-бабаларымдын жанына койгула.

30 Канаан жериндеги, Мамрейдин алдындагы, Махпел талаасындагы үңкүрдү талаа менен кошо Ыбрайым көрүстөн үчүн хеттик Эпрондон сатып алган.

31 Ал жерге Ыбрайымды жана аялы Саараны коюшкан. Ал жерге Ыскак менен Ребеканы коюшкан. Ал жерге мен Леяны койгом.

32 Ал талаа жана талаадагы үңкүр Хет уулдарынан сатылып алынган».

33 Ошентип, Жакып уулдарына осуяттарын айтып бүттү да, буттарын төшөккө коюп, жан берип, өз элине кошулду.

## 50-БӨЛҮМ

### Жакыптын көргө коюлушу

1 Жусуп атасын басып жыгылып, ыйлап, аны өпкүлөдү.

2 Анан Жусуп дарыгер кызматчыларына атасын бальзамдоого буйрук берди. Дарыгерлер Ысрайылды бальзамдашты.

3 Арадан кырк күн өттү, анткени бальзамдап катырууга кырк күн керек эле. Мисирликтер жетимиш күн аза күтүп ыйлашты.

4 Аны жоктоп ыйлаган күндөр аяктагандан кийин, Жусуп фараон сарайындагыларга мындай деп кайрылды: «Эгерде мен силердин алдыңарда ырайым тапкан болсом, анда фараонго мындай дегиле:

5 “Атам менден мындай деп ант алган эле: "Менин көзүм өтүп бара жатат. Мени Канаан жеринде өзүм үчүн казган көргө койгула". Мен эми ошол жерге барып, атамды коюп келүүнү каалар элем”».

6 Ошондо фараон: «Атаңа берген антың боюнча барып, атаңды коюп кел», – деди.

7 Жусуп атасын койгону жөнөдү. Аны менен фараондун кызматчылары, үйүндөгү аксакалдар жана Мисир жериндеги аксакалдар,

8 өзүнүн бүт үй-бүлөсү, бир туугандары жана атасынын үйүндөгүлөр кетишти. Гошен жеринде балдары менен майда жана бодо малдарын гана калтырышты.

9 Аны менен бирге арабалар менен атчандар кошо жөнөшкөндүктөн, эл абдан көп болду.

10 Алар Иордандын жанындагы Горен-Ааатка жеткенде, ал жерде да чоң ый, чоң өкүрүк болду. Жусуп атасын жоктоп жети күн ыйлады.

11 Ошондо ал жерде жашаган канаандыктар Горен-Ааттагы ыйды угуп: «Мисирликтер аябай жоктоп ыйлашты», – дешти. Ошондуктан ал жер Иордандагы «мисирликтердин ыйы» деп аталып калды.

12 Жакыптын уулдары атасы кандай айтса, ошондой кылышты.

13 Уулдары аны Канаан жерине алып барып, Мамрейдин алдындагы, Махпел талаасындагы үңкүргө коюшту. Ыбрайым аны талаа менен бирге хеттик Эпрондон менчик көрүстөн кылыш үчүн сатып алган.

14 Атасын койгондон кийин, Жусуп бир туугандары менен, өзү менен бирге атасын койгону баргандар менен Мисирге кайтып келди.

**Жусуптун бир туугандарына ырайым кылышы**

15 Жусуптун бир туугандары атасы өлгөндөн кийин: «Жусуп бизди жек көрүп калса эмне болот? Ага кылган жамандыгыбыз үчүн өч алгысы келсечи?» – дешип,

16 Жусупка мындай деп айттырып жиберишти: «Атаң өлөр алдында:

17 “Жусупка минтип айткыла: "Бир туугандарың сага жамандык кылышты, алардын айыбы менен күнөөсүн кечир", – деген. Эми атаңдын Кудайынын кулдарынын айыбын кечир”». Бул сөздөрдү айтып жатышканда, Жусуп ыйлады.

18 Бир туугандары өздөрү да келип, анын алдына жыгылып: «Эми биз сенин кулуңбуз», – дешти.

19 Жусуп аларга: «Коркпогула, анткени мен Кудайдан корком.

20 Силер мага жамандык ойлодуңар эле, Кудай аны жакшылыкка айлантты. Көп сандаган адамдардын өмүрүн сактап калыш үчүн, ушуну ишке ашырды.

21 Ошондуктан коркпогула. Мен силерди бала-бакыраңар менен кошо багам», – деди. Ошентип, Жусуп алардын көңүлүн тынчтандырып, жүрөк жылыткан сөздөрдү айтты.

**Жусуптун көз жумушу**

22 Жусуп Мисирде атасынын үй-бүлөсү менен жашады. Ал жүз он жыл жашады.

23 Ал Эпрайымдын үчүнчү тукумуна чейин көрдү, ошондой эле Менашенин уулу Махирдин уулдары да анын көзү тирүүсүндө төрөлүштү.

24 Жусуп бир туугандарына мындай деди: «Менин ичер суум, көрөр күнүм аз калды, бирок Кудай силерге келип, силерди бул жерден алып чыгып, Ыбрайымга, Ыскакка жана Жакыпка убада кылган жерге жеткирет».

25 Анан Жусуп Ысрайыл уулдарынан мындай деп ант алды: «Кудай силерге келет, ошондо силер менин сөөгүмдү бул жерден алып кеткиле».

26 Ошентип, Жусуп жүз он жашында көз жумду. Аны Мисирде бальзамдап, табытка салып коюшту.

**Мусанын экинчи китеби МИСИРДЕН ЧЫГУУ**

**1-БӨЛҮМ**

**Мисирликтердин ысрайылдыктарга таш боордук менен мамиле кылышы**

1 Жакып менен бирге өз-өз үй-бүлөсү менен Мисирге келген Ысрайыл уулдары булар:

2 Рубейин, Шымон, Леби, Жүйүт,

3 Исахар, Забулун, Бенжемин,

4 Дан, Напталы, Гат жана Ашыр.

5 Жакыптын тукуму жетимиш адам эле, Жусуп Мисирде болчу.

6 Кийин Жусуп да, анын бир туугандары да, ошол муундун адамдары да көз жумушту.

7 Бирок Ысрайыл уулдары укумдап-тукумдап көбөйүп, күч алып, Мисир жерине толушту.

8 Мисирде Жусупту билбеген жаңы падыша такка отурду.

9 Ал өз элине мындай деди: «Ысрайыл эли бизден алда канча көп жана күчтүү болуп кетти.

10 Көбөйүп кетпеши үчүн, аларды алдайлы, антпесек согуш болсо, алар душмандарыбызга кошулуп, бизге каршы чыгып, жерибизден чыгып кетишет».

11 Ошентип, фараон оор жумушка салып эзиш үчүн, алардын үстүнөн башчыларды койду. Азык-түлүк сактоо үчүн, алар фараонго Питом жана Раамсес деген шаарларды курушту.

12 Аларды канчалык эзген сайын, алар ошончолук көбөйүштү. Алар канчалык көбөйгөн сайын, мисирликтер алардан ошончолук кооптоно башташты.

13 Ошондуктан мисирликтер Ысрайыл уулдарын ырайымсыздык менен зордоп жумушка салышты.

14 Аларды ылай менен кышка салып, ар кандай талаа жумуштарына ырайымсыздык менен зордоп иштетип, алардын жашоосун азаптуу кылып жиберишти.

15 Мисир падышасы Шипра жана Пуя деген аначы эврей кемпирлерге мындай деп буйрук кылды:

16 «Силер эврей аялдарды төрөтүп жатканда, карагыла. Эгерде эркек төрөлсө, аны өлтүрүп салгыла. Эгерде кыз төрөлсө, жашай берсин».

17 Бирок аначы кемпирлер Кудайдан коркушчу. Ошондуктан Мисир падышасынын айтканын кылбай, балдарды тирүү калтырып жатышты.

18 Мисир падышасы аначы кемпирлерди чакырып алып: «Эмне үчүн мындай кылып жатасыңар, эмнеге балдарды тирүү калтырып жатасыңар?» – деп сурады.

19 Аначы кемпирлер фараонго: «Эврей аялдар мисирлик аялдардай эмес экен. Алардын ден соолугу чың экен, ошондуктан алар аначы кемпирлер келгиче эле төрөп коюп жатышат», – деп жооп беришти.

20 Бул үчүн Кудай аначы кемпирлерге жакшылык кылды. Эл болсо көбөйгөндөн көбөйүп, абдан күч алды.

21 Аначы кемпирлер Кудайдан корккондуктан, Кудай алардын үй-бүлөсүнө батасын берди.

22 Ошондо фараон өз элине мындай деп буйрук берди: «Эврейлердин жаңы төрөлгөн эркек балдарын дарыяга ыргыткыла. Ал эми кыздарын тирүү калтыргыла».

**2-БӨЛҮМ**

**Мусанын төрөлүшү**

1 Леби уруусунан бир адам ошол эле уруудан аял алды.

2 Аялынын боюна бүтүп, эркек бала төрөдү. Баласынын абдан жакшынакай экенин көрүп, ал аны үч ай жашырып жүрдү.

3 Бирок ал андан ары жашыра албай калгандыктан, камыштан жасалган кол себет алып, аны илээшме ылай жана чайыр менен каптады да, баланы себетке салып, дарыянын жээгиндеги камыштын арасына коюп койду.

4 Эмне болор экен деп, баланын эжеси алыстан карап турду.

5 Ошол убакта фараондун кызы сууга түшкөнү дарыяга келди. Анын нөкөр кыздары дарыя жээктеп жүрүшкөн эле. Фараондун кызы камыштын арасындагы себетти көрүп, аны алып келүүгө күңүн жиберди.

6 Ал себетти ачып, баланы көрүп: «Бул эврей балдарынан экен», – деди. Бала ыйлап жаткандыктан, ага боору ооруду.

7 Баланын эжеси фараондун кызына: «Мен барып, эврей аялдарынан баланы эмизип багып бере турган аялды чакырып келейинби?» – деди.

8 Фараондун кызы ага: «Барып кел», – деди. Кыз барып, баланын энесин чакырып келди.

9 Фараондун кызы ага: «Бул баланы алып, мага багып бер. Акысын төлөп берем», – деди. Аял баланы алып, бага баштады.

10 Бала чоңойгондо, аял аны фараондун кызына алып келди. Ал аны бала кылып алды. «Мен аны суудан чыгарып алгам», – деп, баланын атын Муса койду.

**Мусанын Мидиан жерине качып кетиши**

11 Арадан көп убакыт өтүп, Муса чоңоюп эр жеткенден кийин, өз бир туугандарына (Ысрайыл уулдарына) барып, алардын жумушу оор экенин көрдү. Бир эврей бир тууганын мисирлик бир адам сабап жатканын көрүп калды.

12 Эки жагын карап, эч ким жок экенин байкады да, мисирликти өлтүрүп, кум менен көөмп салды.

13 Эртеси күнү эки эврейдин чатакташып жатканын көрүп, кордоп жатканына: «Эмне үчүн бир тууганыңды уруп жатасың?» – деди.

14 Ал болсо: «Ким сени бизге башкаруучу же соттоочу кылып койду? Мисирликти өлтүргөндөй, мени да өлтүргүң келип турабы?» – деди. Ошондо Муса: «Чын эле, бул жөнүндө билип калышкан турбайбы», – деп, коркуп кетти.

15 Фараон бул жөнүндө укканда, Мусаны өлтүргүсү келди. Бирок Муса фараондон Мидиан жерине качып барып, кудуктун жанына отурду.

16 Мидиандык буткана кызматчысынын жети кызы бар эле. Алар атасынын койлорун сугарыш үчүн, кудукка келип, суу сузуп алып, аштоолорго суу толтуруп жатышкан.

17 Аңгыча койчулар келип, аларды кууп жиберишти. Ошондо Муса тура калып, кыздарды коргоп, койлорун сугарып берди.

18 Кыздары атасы Ребуелге келишкенде, атасы алардан: «Бүгүн эмне эрте келдиңер?» – деп сурады.

19 Алар ага: «Мисирлик бир киши бизди койчулардан коргоп калды. Атүгүл, кудуктан суу сузуп, койлорубузду сугарып берди», – дешти.

20 Ошондо ал кыздарына: «Ал кайда? Эмне үчүн аны таштап келдиңер? Барып, чакырып келгиле, тамак ичсин», – деди.

21 Мусага ал кишинин үйүндө жашоо жагып калды. Ал киши Мусага Сипор деген кызын берди.

22 Сипор уул төрөдү. «Мен бөтөн жерде келгин болуп калдым», – деп, Муса ага Гейиршом деген ат койду.

23 Арадан көп убакыт өткөндөн кийин, Мисир падышасы өлдү. Ысрайыл уулдары оор жумуштан кыйналып, боздоп ыйлап жатышты, алардын боздогон үнү Кудайга жетти.

24 Кудай алардын ыйын угуп, Өзүнүн Ыбрайым, Ыскак жана Жакып менен түзгөн келишимин эстеди.

25 Кудай Ысрайыл уулдарын көрүп, аларга назарын салды.

**3-БӨЛҮМ**

**Мусанын чакырылышы**

1 Муса мидиандык буткана кызматчысы, кайнатасы Итронун койлорун кайтарып жүрдү. Бир күнү ал койлорду алыс жактагы чөлгө айдап барып, Кудайдын тоосу Хорепке келди.

2 Ошондо ага күйүп жаткан тикенектүү бадалдын арасынан, оттун жалынынан Теңирдин периштеси көрүндү. Муса тикенектүү бадалдын жалындап күйүп жатканын, бирок күйүп кетпегенин көрдү.

3 «Эмне үчүн бадал күйүп кетпейт? Барып, бул укмуштуу кубулушту көрүп келейинчи», – деди ал.

4 Теңир анын көргөнү келе жатканын көрүп, бадал ичинен аны: «Муса! Муса!» – деп чакырды. Ал: «Мына мен!» – деп жооп берди.

5 Кудай ага: «Бул жерге жакындаба. Бут кийимиңди чеч, анткени сен турган жер – ыйык жер.

6 Мен сенин ата-бабаңдын Кудайымын, Ыбрайымдын, Ыскактын, Жакыптын Кудайымын», – деди. Муса бетин жаап алды, анткени Кудайды карагандан коркту.

7 Теңир мындай деди: «Мен Өз элимдин Мисирде тарткан азабын көрдүм, башкаруучулардан кордук көрүп, боздогон үнүн уктум. Мен анын кайгысын билем.

8 Мен аны мисирликтердин колунан куткаруу үчүн, бул жерден алып чыгып, сүт менен бал аккан жакшы, кенен жерге, канаандыктардын, хеттиктердин, аморлуктардын, периздиктердин, хибиликтердин жана жебустуктардын жерине алып баруу үчүн келдим.

9 Ысрайыл уулдарынын боздогон үнү Мага жетти, аларды мисирликтер кантип эзип жатканын көрүп турам.

10 Ошондуктан баргын, Мен сени фараонго жиберем. Мисирден Менин элимди, Ысрайыл уулдарын, алып чык».

11 Муса Кудайга: «Фараонго барып, Мисирден Ысрайыл уулдарын алып чыккыдай, мен киммин?» – деди.

12 Ошондо Кудай ага: «Мен сени менен болом, сени Мен жибергендигимдин белгиси мындай: сен элди Мисирден алып чыккандан кийин, ушул тоонун үстүндө Кудайга ийбадат кыласыңар», – деди.

13 Муса Кудайга: «Мен азыр Ысрайыл уулдарына барып: "Силердин ата-бабаңардын Кудайы мени силерге жиберди", – десем, алар менден: "Анын аты ким?" – деп сурашса, эмне деп жооп беришим керек?» – деди.

14 Кудай Мусага: «Мен Бар Болуп Туруучумун (Жахабамын). Ысрайыл уулдарына: Мени силерге Бар Болуп Туруучу Өзү жиберди деп айт», – деди.

15 Кудай Мусага дагы мындай деди: «Ысрайыл уулдарына мындай деп айт: "Теңир, силердин ата-бабаңардын Кудайы – Ыбрайымдын, Ыскактын, Жакыптын Кудайы мени силерге жиберди". Бул Менин кылымдан кылымга, укумдан-тукумга белгилүү болгон ысымым.

16 Барып, Ысрайыл аксакалдарын чогултуп, аларга мындай деп айт: "Теңир, силердин ата-бабаңардын Кудайы – Ыбрайымдын, Ыскактын, Жакыптын Кудайы мага келип, мындай деди: «Мен силерге келип, Мисирде силерди эмне кылып жатышканын көрдүм.

17 Мен силерди мисирликтердин эзүүсүнөн куткарып, канаандыктардын, хеттиктердин, аморлуктардын, периздиктердин, хибиликтердин жана жебустуктардын жерине, сүт менен бал аккан жерге алып барам»".

18 Ошондо алар сени угушат. Сен болсо Ысрайыл аксакалдары менен бирге Мисир падышасына барып, ага мындай деп айтасың: "Теңир, эврейлердин Кудайы, бизди чакырып жатат, ошондуктан бизди чөлгө, үч күндүк жолго коё бер, Кудай-Теңирибизге курмандык чалалы".

19 Мисир падышасын зор күч менен мажбурлабаса, силерге уруксат бербестигин билем.

20 Мен Өзүмдүн күчүмдү колдонуп, Мисирди кереметтерим менен кыйратам. Ал силерди ошондон кийин гана коё берет.

21 Мен бул элге мисирликтердин көз алдында ырайым кылам. Силер кетип бара жатканда, куру кол кетпейсиңер.

22 Ар бир эврей аял мисирлик коңшусунан жана үйүндө жашаган мисирлик аялдардан алтын-күмүш буюмдарын, кийимдерин сурап алат. Аларды уул-кыздарыңарга кийгизесиңер, ошентип, мисирликтерди тоноп аласыңар».

**4-БӨЛҮМ**

**Кудайдын Мусага керемет көрсөтүү жөндөмдүүлүгүн бериши**

1 Муса мындай деп жооп берди: «Эгерде алар мага ишенбей, менин үнүмдү укпай: “Теңир сага келген жок”, – дешсечи?»

2 Теңир андан: «Колуңдагы эмне?» – деп сурады. Ал: «Таяк», – деп жооп берди.

3 Теңир ага: «Аны жерге ташта», – деди. Ал аны жерге таштаганда, таяк жыланга айланды. Муса андан качты.

4 Теңир Мусага: «Колуңду сунуп, аны куйругунан карма», – деди. Ал колун сунуп, жыланды кармады. Ошондо ал анын колунда кайрадан таяк болуп калды.

5 Ошондо Теңир ага: «Бул жышаан аларга өздөрүнүн ата-бабаларынын Кудайы – Ыбрайымдын, Ыскактын жана Жакыптын Кудайы сага келгендигине ишениши үчүн көрсөтүлсүн», – деди.

6 Теңир ага дагы мындай деди: «Колуңду койнуңа сал». Ал колун койнуна салып, кайра чыгарганда, колу пес оорусунан кардай агарып калды.

7 Теңир дагы: «Колуңду кайрадан койнуңа сал», – деди. Ал колун койнуна салып, кайра чыгарганда, мурунку калыбына келди.

8 Ошондо Теңир ага дагы мындай деди: «Эгерде алар сага, биринчи жышаанга ишенбей коюшса, анда экинчи жышаанга ишенишет.

9 Эгерде алар бул эки жышаанга да ишенбей, сени укпай коюшса, анда дарыядан суу сузуп алып, жерге төк. Жерге төгүлгөн суу канга айланат».

10 Ошондо Муса Теңирге: «О, Теңир! Мен мурун эле сөзгө чечен эмес болчумун. Сен Өзүңдүн кулуң – мени менен сүйлөшүп жаткан учурда да, мен ошондой элемин. Мен кыйналып сүйлөйм, мен кекечмин», – деди.

11 Теңир ага: «Адамга ооз берген ким? Аны дудук же дүлөй, көздүү же сокур кылган ким? Ошенткен Теңир Мен эмесминби?

12 Демек, баргын. Мен сага айтып турам, эмнени айтууну үйрөтүп турам», – деди.

13 Муса мындай деди: «Теңир, менден башканы жибер».

14 Ошондо Теңир Мусага каарданып, мындай деди: «Леби уруусундагы Арун деген бир тууганыңчы? Мен анын сүйлөй аларын билем. Азыр ал сенин алдыңдан чыгат, сени көргөндө, сүйүнүп кетет.

15 Сен ага айтып турасың, эмнени айтууну үйрөтүп турасың. Мен болсо сага да, ага да эмне деш керек экениңерди айтып турам, эмне кылууну үйрөтүп турам.

16 Ал сенин ордуңа элге чыгып сүйлөйт. Ошондуктан ал сенин оозуң болот, сен болсо ал үчүн Кудай ордуна болосуң.

17 Бул таякты да колуңа ал, муну менен керемет көрсөтөсүң».

**Мусанын Мисирге кайра келиши**

18 Муса ал жерден кетти. Анан ал кайнатасы Итрого келип, мындай деди: «Мен кетейин, Мисирдеги бир туугандарыма кайра барайын, алар тирүү бекен, көрүп келейин». Итро Мусага: «Тынчтык менен бара бер», – деди.

19 Мидиан жеринде Теңир Мусага: «Жөнө, Мисирге кайра бар, анткени сени өлтүрүүнү каалагандардын баары өлүшкөн», – деди.

20 Ошондо Муса аялы менен уулдарын эшекке мингизип, Мисир жерине жөнөп кетти. Муса Кудайдын таягын да колуна алды.

21 Теңир Мусага мындай деди: «Мисир жерине кайра барганыңда, байкагын, Мен сага айткан кереметтердин баарын фараондун алдында көрсөт. Мен болсо анын жүрөгүн катуулантып коём, ошондо ал элди коё бербейт.

22 Фараонго мындай деп айт: Теңир мындай дейт: “Ысрайыл Менин уулум, тун уулум.

23 Мен сага айтып жатам: Менин уулумду коё бер, ал Мага ийбадат кылсын. Эгерде коё бербесең, анда Мен сенин уулуңду, тун уулуңду өлтүрөм”».

24 Жолдо түнөгөн жерде Теңир Мусага жолугуп, аны өлтүргүсү келди.

25 Ошондо Сипор таш бычакты алып, уулунун сүннөтүн кесип, Мусанын бут алдына таштады да: «Эми сен менин кан күйөөмсүң», – деди.

26 Ошондо Теңир андан кетти. Сипор ага: «Сүннөткө отургузуу аркылуу сен менин кан күйөөмсүң», – деди.

27 Теңир Арунга: «Чөлгө барып, Мусаны тосуп ал», – деди. Ал жолго чыгып, Кудайдын тоосунун жанынан Мусага жолугуп, аны бетинен өптү.

28 Муса Арунга өзүн жиберген Теңирдин бардык сөздөрүн, Ал осуят кылган бардык кереметтер жөнүндө айтып берди.

29 Анан Муса Арун менен барып, Ысрайыл уулдарынын бардык аксакалдарын чогултту.

30 Арун аларга Теңирдин Мусага айткан сөздөрүнүн баарын айтып берди. Муса болсо элдин көз алдында кереметтерди көрсөттү.

31 Ошондо эл ишенди. Алар Теңирдин Ысрайыл уулдарына келгенин, алардын тарткан азабын көргөнүн угушканда, тизе бүгүп таазим этишти.

**5-БӨЛҮМ**

**Муса менен Арун фараондун алдында**

1 Ошондон кийин Муса менен Арун фараонго келип, мындай дешти: «Ысрайылдын Кудай-Теңири мындай дейт: “Менин элимди коё бер, алар чөлдө Мага арнап майрам өткөрүшсүн”».

2 Бирок фараон: «Мен Аны угуп, Ысрайылды коё бергидей, Теңир ким экен? Мен Теңирди билбейм, Ысрайылды да коё бербейм», – деди.

3 Алар ага: «Эврейлердин Кудайы бизди чакырып жатат. Бизди чөлгө, үч күндүк жолго коё бер, Кудай-Теңирибизге курмандык чалалы, болбосо Ал бизге жугуштуу оору жиберет же кылыч менен жок кылат», – дешти.

4 Ошондо Мисир падышасы аларга: «Муса менен Арун, силер эмне үчүн элди жумушунан алагды кылып жатасыңар? Өз жумушуңарга жөнөгүлө.

5 Бул жерде эл көп, силер аларды иштеринен алагды кылып жатасыңар», – деди.

6 Фараон ошол эле күнү башкаруучуларга жана көзөмөлдөөчүлөргө мындай деп буйрук берди:

7 «Мындан ары бул элге кыш куюу үчүн мурункудай саман бербегиле. Алар саманды өздөрү барып чогултуп алышсын.

8 Бирок кышты буга чейин куюп келгендегидей эле санда куюшсун, санын азайтпагыла. Алар жалкоо, ошондуктан: “Барып, Кудайыбызга курмандык чалабыз”, – деп кыйкырып жатышат.

9 Аларга жумушту көп бергиле, иштешсин, куру сөз менен алек болушпасын».

10 Ошондо башкаруучулар менен көзөмөлдөөчүлөр элге кайрылып: «Фараон: “Силерге саман бербейм.

11 Саманды өзүңөр таап алгыла. Бирок жумушуңарды азайтпайм”, – деп айтып жатат», – дешти.

12 Ошондо эл саман ордуна пая издеп, Мисир жерине тарап кетти.

13 Башкаруучулар болсо: «Кышты саман бар кездегидей эле, күн сайын мурунку белгиленген санда куйгула», – деп мажбурлап жатышты.

14 Ал эми фараондун башкаруучулары Ысрайыл уулдарынын ичинен өздөрү дайындаган көзөмөлдөөчүлөрдү: «Эмне үчүн кышты мурунку белгиленген санда куйбай жатасыңар?» – деп уруп-сабашты.

15 Ошондо Ысрайыл уулдарынын көзөмөлдөөчүлөрү фараонго ыйлап келип: «Эмнеге кулдарыңа ушундай мамиле кылып жатасың?

16 Кулдарыңа саман бербей жатышат, бирок кыш куйгула деп, кулдарыңды сабап жатышат. Элиң күнөө кылып жатат», – дешти.

17 Бирок фараон аларга: «Жалкоосуңар силер, жалкоосуңар, ошондуктан “Теңирге курмандык чалабыз” деп жатасыңар.

18 Баргыла, иштегиле. Силерге саман берилбейт, бирок тиешелүү сандагы кышты толук бергиле», – деди.

19 Ысрайыл уулдарынан коюлган көзөмөлдөөчүлөр «Ар бир күнгө белгиленген кыштын санын кемитпегиле» деген буйруктан улам баштарына мүшкүл түшкөнүн түшүнүштү.

20 Алар фараондон чыкканда, өздөрүн күтүп турган Муса менен Арунга жолугушту.

21 Аларга: «Теңир силерди көрсө экен, бизди фараонго жана анын кулдарына жек көрүндү кылганыңар үчүн, бизди өлтүртүү үчүн алардын колуна кылыч карматканыңар үчүн жазаласа экен», – дешти.

**Мусанын Теңирге арыздануусу**

22 Ошондо Муса Теңирге кайрылып: «Теңир! Эмне үчүн бул элди ушундай азапка салдың, эмне үчүн мени жибердиң?

23 Мен келип, фараонго Сенин атыңдан сүйлөй баштагандан тартып, ал бул элге мурункудан да жаман мамиле кыла баштады. Сен болсо Өз элиңди куткарган жоксуң», – деди.

**6-БӨЛҮМ**

**Теңирдин жообу**

1 Ошондо Теңир Мусага: «Эми сен Менин фараонго эмне кыларымды көрөсүң. Фараон аларды күчтүү колдун кийлигишүүсү менен коё берет. Атүгүл, күчтүү колдун кийлигишүүсү менен аларды өз жеринен кууп чыгат», – деди.

2 Кудай Мусага мындай деди: «Мен Теңирмин.

3 Мен Ыбрайымга, Ыскакка жана Жакыпка "Кудай, Кудуреттүү" деген ысым менен келгем, бирок аларга "Теңир (Жахаба)" деген ысымым менен ачылган эмесмин.

4 Өздөрү келгин болуп жашашкан Канаан жерин берем деп, Мен алар менен келишим түзгөм.

5 Мен мисирликтердин эзүүсүнөн кыйналган Ысрайыл уулдарынын онтогонун угуп, Өзүмдүн келишимимди эстедим.

6 Ошондуктан Ысрайыл уулдарына мындай деп айт: "Мен Теңирмин, силерди мисирликтердин эзүүсүнөн куткарам, силерди кулчулуктан бошотом, силерди кудуреттүү күчүм менен, чоң жазалар менен куткарам.

7 Силерди Өзүмө эл кылып алам да, силердин Кудайыңар болом, ошондо силерди мисирликтердин эзүүсүнөн куткарган Кудай-Теңириңер Мен экенимди билесиңер.

8 Мен колумду көтөрүп, Ыбрайымга, Ыскакка жана Жакыпка берем деген жерге силерди алып барам да, аны силерге мураска берем. Мен Теңирмин".

9 Муса муну Ысрайыл уулдарына айтып берди, бирок алар жүрөкзаада болуп калышкандыктан, жумуштун оордугунан Мусага кулак салышкан жок.

10 Ошондо Теңир Мусага мындай деди:

11 «Мисир падышасы фараонго кирип айт, ал Ысрайыл уулдарын өз жеринен коё берсин».

12 Муса Теңирдин алдында мындай деди: «Мени Ысрайыл уулдары укпай жатышса, фараон кантип уксун? Мен болсо сөзгө жокмун».

13 Бирок Теңир Муса менен Арунга сүйлөдү. Ысрайыл уулдарын Мисирден алып чыгууга буйрук берип, аларды Ысрайыл уулдарына жана Мисир падышасы фараонго жиберди.

**Муса менен Арундун санжырасы**

14 Алардын уруу башчылары булар: Ысрайылдын туну Рубейиндин уулдары: Ханох жана Палу, Хесрон жана Карми. Бул – Рубейин уруусу.

15 Шымондун уулдары: Жемуел жана Жамин, Ойат жана Жахин, Сохар жана канаандык аялдын уулу Шабул. Бул – Шымон уруусу.

16 Лебинин уулдары, уруу башчылары булар: Гейиршон, Каат жана Мерари. Леби болсо жүз отуз жети жыл жашаган.

17 Гейиршондун уулдары, уруу башчылары: Либни жана Шимей.

18 Кааттын уулдары: Амрам жана Итсар, Хеброн жана Узиел. Каат болсо жүз отуз үч жыл жашаган.

19 Мераринин уулдары: Махли жана Муши. Булар – Лебинин уруу башчылары.

20 Амрам атасынын карындашы Жохебетти аялдыкка алган. Ал ага Арун менен Мусаны төрөп берген. Амрам болсо жүз отуз жети жыл жашаган.

21 Итсардын уулдары: Корак, Непек жана Зихри.

22 Узиелдин уулдары: Мишаел, Элсапан жана Ситри.

23 Арун Нахшондун карындашы, Аминадаптын кызы Элишебаны аялдыкка алган. Ал ага Надап менен Абыйутту, Элазар менен Итамарды төрөп берген.

24 Корактын уулдары: Асир, Элкана жана Абыйасап. Булар – Корак уруусу.

25 Арундун уулу Элазар Путиелдин кыздарынын бирин аялдыкка алган. Ал ага Пинехасты төрөп берген. Булар – Лебинин уруу башчылары.

26 Арун менен Муса – Теңирден «Мисир жеринен Ысрайыл уулдарын кошуундары менен алып чыккыла» деген буйрук алган кишилер.

27 Ысрайыл уулдарын Мисирден алып чыгуу үчүн, Мисир падышасы фараон менен сүйлөшкөн кишилер – ушул Арун менен Муса.

**Теңирдин Муса менен Арунга берген буйругу**

28 Теңир Мисир жеринде Мусага сүйлөгөндө:

29 «Мен Теңирмин! Мен сага айткандын баарын Мисир падышасы фараонго айт», – деди.

30 Муса болсо Теңирдин алдында мындай деди: «Мен сөзгө жокмун, фараон мени кантип уксун?»

**7-БӨЛҮМ**

1 Бирок Теңир Мусага мындай деди: «Билип кой, Мен сени фараонго Кудай кылып койдум, ал эми бир тууганың Арун сенин пайгамбарың болот.

2 Сен ага Мен буйругандын баарын айтасың. Бир тууганың Арун болсо фараонго: “Ысрайыл уулдарын өз жериңен коё бер”, – деп айтат.

3 Бирок Мен фараондун жүрөгүн катуулантып коём да, Мисир жеринде Өзүмдүн көптөгөн жышаандарымды, кереметтеримди көрсөтөм.

4 Фараон силерди укпайт, ошондо Мен Мисирге күч колдонуп, аны катуу жазалап, Өзүмдүн кошуунумду – Өз элим Ысрайыл уулдарын Мисир жеринен алып чыгам.

5 Мен Мисирди катуу жазалап, алардын арасынан Ысрайыл уулдарын алып чыкканда, мисирликтер Менин Теңир экенимди билишет».

6 Муса менен Арун Теңир буйругандай кылышты.

7 Фараон менен сүйлөшкөн убакта Муса сексен жашта, ал эми Арун сексен үч жашта эле.

**Арундун таягы**

8 Теңир Муса менен Арунга мындай деди:

9 «Эгерде фараон силерге: "Керемет көрсөткүлө", – десе, сен Арунга: "Таягыңды алып, фараондун алдына ташта", – деп айт. Ал жыланга айланат».

10 Муса менен Арун фараонго келип, Теңир буйругандай кылышты. Арун таягын фараондун жана анын кулдарынын алдына таштаганда, ал жыланга айланды.

11 Ошондо фараон даанышмандар менен сыйкырчыларды чакырды. Мисирдин сыйкырчылары да өздөрүнүн сыйкырлары менен ошондой кылышты.

12 Ар бири өз таягын таштаганда, алар да жыланга айланды, бирок Арундун таягы алардын таяктарын жутуп алды.

13 Теңир айткандай, фараондун жүрөгү катууланып, аларды укпай койду.

**Мисирди кыйраткан жазалар. Биринчи жаза: суунун канга айланышы**

14 Ошондо Теңир Мусага: «Фараондун жүрөгү таштай катыды, ал элди коё бергиси келбей жатат.

15 Эртең менен фараонго бар, ал сууга чыгат, сен аны дарыянын жээгинен тосуп тур. Жыланга айланган таягыңды колуңа алып ал.

16 Анан ага мындай де: "Эврейлердин Кудай-Теңири мени сага мындай деп айттыруу үчүн жиберди: «Менин элимди коё бер, алар чөлгө барып, Мага ийбадат кылышсын». Бирок сен ушул күнгө чейин укпай келдиң.

17 Теңир мындай дейт: «Менин Теңир экенимди сен мындан билесиң». Мен азыр колумдагы мына бул таяк менен дарыядагы сууну чабам, ал канга айланат.

18 Дарыядагы балыктар кырылат, дарыя сасыйт, мисирликтер жийиркенип, андан суу иче албай калышат"».

19 Теңир Мусага мындай деди: «Арунга мындай деп айт: "Таягыңды алып, колуңду Мисирдин сууларына: дарыяларына, агын сууларына, көлдөрүнө, суу сактагычтарына сун, ошондо алар канга айланат. Бүткүл Мисир жери кан болот, жыгач, таш идиштеринин ичиндеги суулар да канга айланат"».

20 Муса менен Арун Теңир буйругандай кылышты. Арун таягын көтөрүп, фараондун жана анын кулдарынын көз алдында дарыядагы сууну чапты, дарыядагы суу канга айланды.

21 Ошондо дарыядагы балыктар кырылып, дарыя сасып кеткендиктен, мисирликтер дарыядан суу иче албай калышты. Ошентип, бүткүл Мисир жери кан болду.

22 Мисирдин сыйкырчылары да өздөрүнүн сыйкырлары менен ошондой кылышты. Теңир айткандай, фараондун жүрөгү катууланып, аларды укпай койду.

23 Фараон бурулуп, үйүнө кетип калды. Ага бул да таасир эткен жок.

24 Ичкенге суу табыш үчүн, бүт мисирликтер дарыянын тегерегин каза баштаішты, анткени алар дарыядагы суудан иче албай калышкан эле.

25 Теңир дарыяны канга айланткандан кийин, жети күн өттү.

**8-БӨЛҮМ**

**Экинчи жаза: курбака**

1 Теңир Мусага мындай деди: «Фараонго барып айт: Теңир мындай дейт: "Менин элимди коё бер, ал Мага ийбадат кылсын.

2 Эгерде сен аларды коё бергенге макул болбосоң, анда Мен сенин бардык жериңе курбака каптатам.

3 Ошондо дарыяда курбакалар быкылдап, андан чыгып, үйүңө да, уктоочу бөлмөңө да, төшөгүңө да, кулдарың менен элиңдин үйлөрүнө да, мешиңдин ичине да, камыр ачыткан челегиңе да кирет.

4 Курбакалар сенин, элиңдин жана кулдарыңдын үстүнө чыгат"».

5 Теңир Мусага мындай деди: «Арунга мындай деп айт: "Колуңдагы таягыңды дарыяларга, агын сууларга жана көлдөргө сунуп, Мисир жерине курбака каптат"».

6 Арун колун Мисир жериндеги сууларга сунганда, курбакалар чыгып, Мисир жерин каптады.

7 Сыйкырчылар да өз сыйкырлары менен ушундай кылып, Мисир жерине курбака каптатышты.

8 Фараон Муса менен Арунду чакырып алып: «Теңирге сыйынгыла, Ал курбакаларды менден, менин элимден жок кылсын. Ошондо мен Ысрайыл элин Теңирге курмандык чалууга коё берем», – деди.

9 Муса фараонго мындай деди: «Сенин жериңдеги, үйлөрүңдөгү курбакалар жок болуп, дарыяларда гана калсын деп, сен үчүн, кулдарың үчүн, элиң үчүн сыйынар убакытты мага өзүң белгиле».

10 Ал: «Эртең», – деди. Муса ага: «Сен айткандай болсун, ошондо биздин Кудай-Теңирибиздей эч ким жок экенин билесиң.

11 Курбакалар сенден, үйлөрүңдөн, кулдарыңдан жана элиңден жок болуп, дарыяларда гана калат».

12 Муса менен Арун фараондон чыгышты. Фараондун жерине каптаткан курбакалардан арылтуусун сурап, Муса Теңирге сыйынды.

13 Ошондо Теңир Мусанын айтканындай кылды. Үйлөрдөгү, короолордогу жана талаадагы курбакалар кырылып калды.

14 Аларды үймөк-үймөк кылып жыйып коюшту. Ошондо жер сасып кетти.

15 Фараон жеңилдик болгонун көргөндө, жүрөгүн катуулантып, Теңир айткандай, аларды укпай койду.

**Үчүнчү жаза: майда чиркей**

16 Ошондо Теңир Мусага мындай деди: «Арунга мындай деп айт: “Таягыңды көтөрүп, жердеги топуракты чап, ошондо топурак майда чиркейге айланып, бүткүл Мисир жерине толуп кетет”».

17 Алар ошондой кылышты. Арун колундагы таягын көтөрүп, топуракты чапканда, адамдарга да, малга да майда чиркейлер жабышты. Бүткүл Мисир жериндеги топурактын баары майда чиркейге айланды.

18 Сыйкырчылар да өз сыйкырлары менен майда чиркей чыгарууга аракет кылышты, бирок чыгара алышкан жок. Ошентип, майда чиркейлер адамдарга да, малга да жабышты.

19 Ошондо сыйкырчылар фараонго: «Бул – Кудайдын колу», – дешти. Бирок фараондун жүрөгү катууланып, Теңир айткандай, аларды укпай койду.

**Төртүнчү жаза: көгөөн**

20 Ошондо Теңир Мусага мындай деди: «Эртең менен эрте туруп, фараондун алдына бар. Ал сууга чыгат, ошондо сен ага мындай де: Теңир мындай дейт: “Менин элимди коё бер, ал Мага ийбадат кылсын.

21 Эгерде элимди коё бербесең, анда Мен сага, сенин кулдарыңа, элиңе, үйлөрүңө көгөөн каптатам, ошондо мисирликтердин үйлөрү, алар жашаган жер көгөөнгө толот.

22 Бирок ошол күнү Менин элим жашаган Гошен жерин бөлүп коём, ал жерде көгөөн болбойт, ошондо жер үстүндөгү Теңир Мен экенимди билесиң.

23 Менин элим менен сенин элиңдин ортосун бөлүп коём. Эртең ушул жышаан болот”».

24 Теңир так ошондой кылды: фараондун үйүн, анын кулдарынын үйлөрүн жана бүт Мисир жерин көгөөн каптады. Жер көгөөндөн кыйрап жатты.

25 Ошондо фараон Муса менен Арунду чакырып алып: «Баргыла, Кудайыңарга ушул жерде курмандык чалгыла», – деди.

26 Бирок Муса ага: «Андай кылууга болбойт, анткени Кудай-Теңирибизге арнап чалган курмандыгыбыз мисирликтер үчүн жийиркеничтүү. Эгерде мисирликтер үчүн жийиркеничтүү болгон курмандыкты алардын көз алдында чалсак, алар бизди таш бараңга алышпайбы?

27 Биз үч күн жол жүрүп, чөлгө барып, Кудай-Теңирибизге Өзү айткандай кылып курмандык чалабыз», – деди.

28 Ошондо фараон: «Мен силерге өзүңөрдүн Кудай-Теңириңерге курмандык чалыш үчүн, чөлгө барууңарга уруксат берем, бирок алыс кетпегиле. Мен үчүн да сыйынып койгула», – деди.

29 Муса ага мындай деди: «Мен азыр сенден чыгып, Теңирге сыйынам, ошондо көгөөндөр сенден, сенин кулдарыңдан, сенин элиңден эртең эле жок болот, бирок сен элди Теңирге курмандык чалууга коё бербей алдаганыңды койгун».

30 Анан Муса фараондон чыгып, Теңирге сыйынды.

31 Ошондо Теңир Мусанын айтканындай кылып, фараондон, анын кулдарынан, анын элинен көгөөндөрдү жок кылды. Бир да көгөөн калган жок.

32 Бирок фараон бул жолу да жүрөгүн катуулантып, элди коё бербей койду.

**9-БӨЛҮМ**

**Бешинчи жаза: жугуштуу жара**

1 Ошондо Теңир Мусага мындай деди: «Фараонго барып, эврейлердин Кудай-Теңири мындай дейт де: “Менин элимди коё бер, ал Мага ийбадат кылсын.

2 Эгерде сен аны коё бергиң келбей, дагы кармай турган болсоң,

3 анда Теңир Өз колун талаадагы бардык малыңа, жылкыларыңа, эшектериңе, төөлөрүңө, өгүздөрүңө жана койлоруңа каршы сунат: аларга өтө оор жугуштуу оору жиберет.

4 Бирок Теңир Ысрайылдын малын Мисирдин малынан бөлүп коёт. Ысрайыл уулдарынын малынан бирөө да өлбөйт”».

5 Теңир убакытты белгилеп: «Муну Теңир эртең ушул жерде жасайт», – деди.

6 Теңир муну эртеси күнү жасады, ошондо Мисирдин бардык малы кырылып калды, бирок Ысрайыл уулдарынын малынан бирөө да өлгөн жок.

7 Фараон билип келгенге киши жиберсе, ысрайылдыктардын малынан бирөө да өлбөптүр. Бирок фараондун жүрөгү катууланып, элди коё бербей койду.

**Алтынчы жаза: күл**

8 Ошондо Теңир Муса менен Арунга мындай деди: «Мештен бир уучтан күл алгыла. Муса аны фараондун көз алдында асманга чачсын.

9 Ошондо бүткүл Мисир жерин чаң каптап, бүткүл Мисир жериндеги адамдар менен малга ириңдүү жара чыгат».

10 Алар мештен күл уучтап алып, фараондун алдына келишти. Муса аны асманга чачты, ошондо адамдар менен малга ириңдүү жара чыкты.

11 Сыйкырчылар жарадан улам Мусанын алдында туруштук бере алышпады, анткени жара сыйкырчыларга жана бүт мисирликтерге чыккан эле.

12 Бирок Теңир фараондун жүрөгүн катуулантып койгондуктан, Теңир Мусага айткандай эле, фараон аларды уккан жок.

**Жетинчи жаза: мөндүр**

13 Ошондо Теңир Мусага мындай деди: «Эртең эрте туруп, фараондун алдына барып, ага мындай де: Эврейлердин Кудай-Теңири мындай дейт: “Менин элимди коё бер, ал Мага ийбадат кылсын.

14 Анткени бул жолу Мен сени, кулдарыңды жана элиңди катуу жазалайм, ошондо сен бүт жер үстүндө Мага теңдеш эч ким жок экенин билесиң.

15 Эгерде Мен колумду сунсам, анда сен элиң менен кошо жугуштуу оорудан кырылмаксың, жер бетинен жок болмоксуң.

16 Бирок сага Өзүмдүн күчүмдү көрсөтүш үчүн, Менин ысымым бүт жер жүзүндө белгилүү болуш үчүн, Мен сага тийген жокмун.

17 Сен Менин элимди коё бергиң келбей, дагы эле каршы болуп жатасың.

18 Мен эртең так ушул убакта Мисир негизделген күндөн тартып азыркыга чейин болуп көрбөгөн өтө катуу мөндүр жаадырам.

19 Ошондуктан малыңды жана талаада эмнең болсо, ошонун баарын чогултканы киши жибер, ал эми үйгө келбей, талаада калган адамдарың да, малың да мөндүрдөн кырылат"».

20 Фараондун кулдарынын ичинен Теңирдин сөзүнөн корккондору шашылыш барып, талаадагы кулдары менен малын үйлөрүнө алып келишти.

21 Ал эми Теңирдин сөзүнө көңүл бурбагандары кулдары менен малын талаага калтырышты.

22 Ошондо Теңир Мусага: «Колуңду асманга көтөр, бүткүл Мисир жерине, элине, малына жана Мисир жериндеги бардык өсүмдүктөргө мөндүр түшөт», – деди.

23 Муса таягын асманга көтөрдү. Ошондо Теңир күн күркүрөтүп, мөндүр жаадырды, жер бетин от каптады. Ошентип, Теңир Мисир жерине мөндүр жаадырды.

24 Мөндүр менен кошо от да жаады, мөндүр абдан катуу болду. Мисирде эл отурукташкандан бери мындай болгон эмес.

25 Ошентип, мөндүр бүткүл Мисир жерин талкалады, талаада эмне болсо, ошонун баарын: адамдарды, малдарды кырып, өсүмдүктөрдү, бак-дарактарды талкалап кетти.

26 Ысрайыл уулдары жашаган Гошен жерине гана мөндүр жааган жок.

27 Ошондо фараон Муса менен Арунду киши жиберип чакыртып алып: «Бул жолу мен күнөө кылдым, Теңир адилеттүү, мен жана менин элим болсо айыптуу.

28 Теңирге сыйынгылачы, Кудайдын күн күркүрөөсү менен мөндүрү басылсын. Ошондо мен силерди коё берем, мындан ары кармабайм», – деди.

29 Муса ага: «Мен шаардан чыгарым менен Теңирге колумду сунам. Күндүн күркүрөгөнү да, мөндүр да басылат, ошондо сен жер Теңирдики экенин билесиң.

30 Бирок мен сен да, кулдарың да дагы эле Кудай-Теңирден коркпоруңарды билем», – деди.

31 Зыгыр менен арпаны да мөндүр талкалап кетти, анткени арпа баш алып, зыгыр гүлдөп калган эле.

32 Ал эми буудай менен кайрак буудайды мөндүр талкалаган жок, анткени алар кеч себилген эле.

33 Муса фараондон чыгып, шаардан узагандан кийин, Теңирге колун сунду. Ошондо күндүн күркүрөгөнү да, мөндүр да, жерге куйган жамгыр да басылды.

34 Фараон жамгырдын да, мөндүрдүн да, күндүн күркүрөгөнү да басылганын көргөндө, күнөө кылганын улантты, ал өзү да, анын кулдары да жүрөктөрүн катуулантышты.

35 Теңир Муса аркылуу айткандай, фараондун жүрөгү катууланып, Ысрайыл уулдарын коё бербей койду.

**10-БӨЛҮМ**

**Сегизинчи жаза: чегиртке**

1 Ошондо Теңир Мусага мындай деди: «Фараонго кир, аларга Өзүмдүн ушул кереметтеримди көрсөтүш үчүн,

2 Мисирде эмне кылганымды, ал жерде көрсөткөн кереметтерим жөнүндө уулуңа, уулуңдун уулуна айтып беришиң үчүн, Менин Теңир экенимди билишиңер үчүн, Мен фараондун жана анын кулдарынын жүрөгүн катуулантып койдум».

3 Муса менен Арун фараонго келип, мындай деп айтышты: «Эврейлердин Кудай-Теңири мындай дейт: "Качанкыга чейин сен Мага моюн сунбайсың? Менин элимди коё бер, ал Мага ийбадат кылсын.

4 Эгерде сен Менин элимди коё бербесең, анда эртең Мен сенин жериңе чегиртке каптатам.

5 Алар жер бетин көрүнгүс кылып каптайт да, мөндүрдөн калгандын баарын жеп, талаадагы бак-дарактардын баарын курутат.

6 Сенин үйүңө, кулдарыңдын үйлөрүнө жана бардык мисирликтердин үйлөрүнө толот, мындайды сенин ата-бабаларың да, ата-бабаларыңдын ата-бабалары да жер бетинде жашагандан ушул күнгө чейин көргөн эмес"». Муса бурулуп, фараондон чыгып кетти.

7 Ошондо фараондун кулдары: «Бул бизди качанкыга чейин кыйнайт? Бул элди коё бер, алар өздөрүнүн Кудай-Теңирине ийбадат кылышсын. Мисирдин кыйрап бара жатканын дагы эле көрбөй турасыңбы?» – дешти.

8 Анан Муса менен Арунду фараонго кайра алып келишти. Ошондо фараон аларга: «Баргыла, өзүңөрдүн Кудай-Теңириңерге ийбадат кыла бергиле. Бирок кимиңер барасыңар?» – деди.

9 Муса мындай деди: «Биз жаш балдарыбыз, кары-картаңдарыбыз, уул-кыздарыбыз менен, майда жана бодо малыбыз менен барабыз, анткени Теңирге арнап майрам өткөрөбүз».

10 Фараон аларга: «Мейли, ушундай болсун, Теңир силер менен! Мен силерди коё берүүгө даярмын, бирок эмнеге балдарыңарды кошо алып барганы жатасыңар? Көрдүңөрбү, силердин ниетиңер жаман.

11 Болбойт, Теңириңерге эркектериңер гана ийбадат кылышсын, анткени силер ошону сурагансыңар», – деди. Анан аларды фараондон кууп чыгышты.

12 Ошондо Теңир Мусага мындай деди: «Колуңду Мисир жерине сун, Мисир жерин чегиртке каптап, жердеги өсүмдүк-чөптүн баарын, мөндүрдөн аман калгандын баарын жесин».

13 Муса таягын Мисир жерине сунду. Ошондо Теңир бул жерге чыгыштан шамал жиберди. Ал шамал бир күн, бир түн болду. Чыгыштан соккон шамал эртең менен чегиртке каптатты.

14 Чегиртке бүт Мисир жерин каптады, алар өтө көп болгондуктан, бүт Мисир өлкөсүн басып калды. Буга чейин мынчалык көп чегиртке болгон эмес, мындан кийин да болбойт.

15 Чегиртке бүт жер бетин каптап калгандыктан, жер көрүнбөй калды. Чегирткелер жердеги бардык өсүмдүктөрдү, мөндүрдөн аман калган дарактардын мөмөлөрүн бүт жеп коюшту. Мисир жериндеги бак-дарактардан, талаадагы өсүмдүктөрдөн эч нерсе калган жок.

16 Ошондо фараон Муса менен Арунду шашылыш чакыртып, мындай деди: «Мен силердин Кудай-Теңириңердин алдында, силердин алдыңарда күнөө кылдым.

17 Эми менин күнөөмдү дагы бир жолу кечиргиле да, өзүңөрдүн Кудай-Теңириңерге сыйынгыла, Ал менден бул өлүмдү кайт кылсын».

18 Муса фараондон чыгып, Теңирге сыйынды.

19 Ошондо Теңир батыштан чыгышка карай катуу шамал соктурду, ал шамал чегирткелерди Кызыл деңизге сүрүп таштады. Мисир жеринде бир да чегиртке калган жок.

20 Бирок Теңир фараондун жүрөгүн катуулантып койгондуктан, ал Ысрайыл уулдарын коё бербей койду.

**Тогузунчу жаза: караңгылык**

21 Ошондо Теңир Мусага мындай деди: «Колуңду асманга сун, ошондо Мисир жерине көзгө сайса көрүнгүс караңгылык түшөт».

22 Муса колун асманга сунду, ошондо бүткүл Мисир жерин үч күн бою көзгө сайса көрүнгүс караңгылык каптап турду.

23 Бири-бирин көрбөй, үч күн бою эч ким ордунан жылган жок. Ысрайыл уулдарынын үйлөрүндө болсо жарык болуп турду.

24 Ошондо фараон Мусаны чакыртып, мындай деди: «Баргыла, Теңириңерге ийбадат кыла бергиле, бирок майда жана бодо малыңарды калтыргыла, балдарыңар болсо силер менен бара беришсин».

25 Бирок Муса мындай деди: «Кудай-Теңирибизге курмандык чалышыбыз үчүн, бизге курмандыктарды да, бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктарды да беришиң керек.

26 Малыбызды да ала барабыз, бир да туяк калбайт, анткени биз Кудай-Теңирибизге чала турган курмандыкты алардын арасынан алабыз. Бирок биз ал жерге жетмейинче, курмандыкка эмнени чаларыбызды билбейбиз».

27 Теңир фараондун жүрөгүн катуулантып койгондуктан, ал элди коё бергиси келген жок.

28 Фараон Мусага: «Жогол бул жерден! Менин алдыма кайра келем деп ойлобо. Анткени менин жүзүмдү көргөн күнү өлөсүң», – деди.

29 Муса ага: «Сен айткандай болот. Мындан ары жүзүңдү көрбөйм», – деди.

**11-БӨЛҮМ**

**Акыркы жаза**

1 Теңир Мусага мындай деди: «Мен фараонду жана мисирликтерди дагы бир жолу жазалайм. Ошондон кийин гана ал силерди бул жерден коё берет. Коё бергенде да, силерди бул жерден шашылыш куул чыгат.

2 Элиңе айтып кой, ар бир эркек, ар бир аял өз кошунасынан алтын-күмүш буюм сурап алсын».

3 Теңир Өз элине мисирликтердин көз алдында ырайым кылды. Муса да Мисир жеринде, фараондун кулдарынын алдында, элдин алдында эң улуу адам болду.

4 Муса мындай деди: «Теңир мындай дейт: "Түн ортосунда Мен Мисир жерин аралап өтөм.

5 Ошондо Мисир жериндеги тун балдардын баары, тактыда отурган фараондун тун баласынан баштап, жаргылчак тартып отурган күңдүн тун баласына чейин өлөт, малдын биринчи төлүнүн баары кырылат.

6 Ошондо бүткүл Мисир жери боздоп ыйлайт. Мындай ый мурун да болгон эмес, кийин да болбойт".

7 Ал эми Ысрайыл уулдары жана алардын малы эч кандай зыян тартпайт. Ошондо Теңир мисирликтер менен ысрайылдыктардын ортосуна кандай айырма койгонун көрөсүңөр.

8 Сенин кулдарыңдын баары менин алдыма келип тизе бүгүп: "Жетектеп жүргөн элиң менен кошо чыгып кет", – дешет. Мен ошондон кийин гана чыгып кетем». Анан Муса фараондон каарданып чыгып кетти.

9 Теңир Мусага мындай деди: «Мисир жеринде кереметтеримди көрсөтө беришим үчүн, фараон силерди укпай койду».

10 Муса менен Арун ушул кереметтердин баарын фараондун алдында көрсөтүштү. Бирок Теңир фараондун жүрөгүн катуулантып койгондуктан, ал Ысрайыл уулдарын өз жеринен коё берген жок.

**12-БӨЛҮМ**

**Пасах**

1 Теңир Мисир жеринде Муса менен Арунга мындай деди:

2 «Ушул ай силер үчүн айлардын башталышы болсун. Ушул ай жыл ичиндеги айлардын биринчиси болсун.

3 Ысрайыл жамаатына мындай дегиле: Ушул айдын онунчу күнү ар ким өз үй-бүлөсүнө бирден козу камдасын, ар бир түтүн бирден козу даярдасын.

4 Эгерде үй-бүлөдөгү кишинин саны аз болуп, бир козуну жеп түгөтө албай турган болсо, анда ал үй-бүлө өзүнө жакын жашаган коңшусунун үй-бүлөсү менен бирге, кишинин санына жараша камдасын. Бир козуну канча киши жеп түгөтө алса, ошончо киши чогулсун.

5 Ал кемчилиги жок бир жылдык эркек мал болушу керек. Аны койдун же эчкинин арасынан тандап алгыла.

6 Силер аны ошол айдын он төртүнө чейин сактап тургула. Аны Ысрайыл жамааты кеч кирери менен сойсун.

7 Эт жей турган үйдүн эшигинин эки кашегине, эшиктин маңдайчасына анын канынан сыйпап коюшсун.

8 Этин отко кактап бышырып, ачыткысыз нан жана ачуу чөптөр менен ошол түнү жеп түгөтүшсүн.

9 Этти чала бышырып же сууга бышырып жебегиле, баш-шыйрагын, ичеги-карынын кошуп, отко кактап бышырып жегиле.

10 Андан эртең мененкиге калтырбагыла. Эртең мененкиге калганын өрттөп жибергиле.

11 Аны белиңерди курчап, бут кийиминерди кийип, таягыңарды колуңарга алып, шашылыш түрдө жегиле. Бул – Теңирдин Пасахы.

12 Мен дал ошол түнү Мисир жерин аралап, Мисир жеринде жашаган адамдардын тунун, малдарынын биринчи төлүн жок кылам. Мисирдин бардык кудайларына сот жүргүзөм. Мен Теңирмин!

13 Силер отурган үйлөрдөгү ошол кан силердин белгиңер болот, канды көрүп, силерден кыя өтүп кетем. Мисир жерин кыйратып жатканымда, силердин башыңарга алаамат түшпөйт.

14 Ошол күн силердин эсиңерде калсын, ошол күндү түбөлүккө белгиленген майрам катары Теңирге арнап, укумдан-тукумга майрамдагыла.

**Ачыткысыз нан майрамы**

15 Жети күн ачыткысыз нан жегиле. Биринчи күндөн тартып үйүңөрдөгү ачыткы кошулган тамактарды жок кылгыла. Ким биринчи күндөн жетинчи күнгө чейин ачыткы кошулган нерсе жесе, ал Ысрайыл элинин арасынан жок кылынат.

16 Биринчи күнү да, жетинчи күнү да ыйык чогулуш өткөргүлө. Бул күндөрү эч кандай жумуш кылынбасын, ичип-жей турган гана тамагыңарды жасасаңар болот.

17 Ачыткысыз нан майрамын өткөрүп тургула, анткени дал ошол күнү Мен силердин кошуундарыңарды Мисир жеринен алып чыккам. Ошол күндү түбөлүккө белгиленген күн катары укумдан-тукумга белгилеп тургула.

18 Биринчи айдын он төртүнчү күнүнүн кечинен баштап ошол эле айдын жыйырма биринчи күнүнүн кечине чейин ачыткысыз нан жегиле.

19 Жети күн бою силердин үйүңөрдө ачыткы кошулган тамак болбошу керек, себеби ким ачыткы кошулган тамак жесе, ал келгин болобу, ошол жердин жергиликтүү тургуну болобу, Ысрайыл жамаатынан жок кылынат.

20 Ачыткы кошулган эч нерсе жебегиле, кайсы жерде болсоңор да, ачыткысыз нан жегиле».

21 Муса Ысрайыл аксакалдарын чакырып алып, аларга мындай деди: «Үй-бүлөңөрдөгү кишинин санына жараша мал тандап, Пасахка арнап сойгула.

22 Бир тутам иссоп алып, идиштеги канга малып, эшиктин маңдайчасы менен эки каптал кашегине сыйпагыла. Өзүңөр болсо таңга чейин үйүңөрдөн чыкпагыла.

23 Теңир Мисирди кыйратуу үчүн бара жатканда, эшигиңердин маңдайчасы менен эки кашегиндеги канды көрүп, кыя өтүп кетет, кыйратуу үчүн келе жаткан кыйратуучуну силердин үйүңөргө киргизбейт.

24 Муну силер өзүңөр үчүн да, балдарыңар үчүн да түбөлүк мыйзам катары сактагыла.

25 Теңир берген жерге киргениңерде, Ал Өзү айткандай, ушул ийбадатты сактагыла.

26 Балдарыңар силерден: "Бул эмне деген ийбадат?" – деп сурашса,

27 "Бул – Теңирге арналган Пасах курмандыгы. Ал мисирликтерди кыйратып жатканда, Мисирдеги Ысрайыл уулдарынын үйлөрүнөн кыя өтүп кеткен, биздин үйлөрүбүздү куткарып калган", – дегиле». Ошондо калың эл тизе бүгүп таазим кылды.

28 Анан Ысрайыл уулдары тарап кетишти. Теңир Муса менен Арунга кандай буйруса, алар так ошондой кылышты.

29 Түн ортосунда Теңир Мисир жериндеги бардык тун балдарды: тактыда отурган фараондун тун баласынан баштап зынданда жаткан туткундун тун баласына чейин өлтүрдү. Ошондой эле малдын биринчи төлүнүн баарын кырып салды.

30 Ошондо фараон өзү, бүт кулдары, бүткүл Мисир эли түн ичинде орундарынан турушту. Мисир жеринен катуу өкүрүк чыкты, анткени өлүк чыкпаган үй болгон жок.

31 Фараон түн ичинде Муса менен Арунду чакыртып алып: «Тургула, Ысрайыл уулдары, менин элимдин арасынан кеткиле, өзүңөр айткандай, Теңириңерге ийбадат кылганы кеткиле.

32 Өзүңөр айткандай, майда жана бодо малыңарды ала кеткиле. Мага да батаңарды бергиле», – деди.

33 Ошентип, мисирликтер: «Кетпесеңер, баарыбыз өлүп калабыз», – дешип, аларды ал жерден тезирээк чыгып кетүүгө мажбурлашты.

34 Ошондо Ысрайыл уулдары ачыткы кошулбаган камырын челеги менен кошо кийимдерине байлап, ийиндерине көтөрүп алып жөнөштү.

35 Ысрайыл уулдары Мусанын айтканындай кылып, мисирликтердин алтын-күмүш буюмдарын, кийимдерин сурап алышты.

36 Теңир болсо мисирликтердин көз алдында Өз элине ырайым кылды. Мисирликтер алардын сураганын беришти. Ошентип, алар мисирликтерди тоноп алышты.

**Мисирден чыгуу**

37 Ысрайыл уулдары Раамсестен чыгып, Сукотко жөнөштү. Балдарды эсептебегенде, алардын саны алты жүз миң жөө эркек эле.

38 Алар менен бирге ар кайсы уруудан көп сандаган адамдар да чыгышты. Алар көп сандаган майда жана бодо малы менен чыгышты.

39 Мисирден ала чыгышкан ачыткысыз камырдан токоч жасашты, Мисирден шашылыш түрдө куулуп чыккандыктан, жолго тамак-аш да камдай албай калышкан эле.

40 Ысрайыл уулдары Мисирде төрт жүз отуз жыл жашашты.

41 Туура төрт жүз отуз жыл болгон күнү түн ичинде Теңирдин бүткүл кошууну Мисир жеринен чыкты.

42 Бул түн – өздөрүн Мисирден алып чыккандыгы үчүн уктабай өткөрө турган, Теңирге арналган түн. Бул түндү Ысрайыл уулдары укумдан-тукумга сакташы керек.

**Пасах курмандыгы жөнүндө мыйзам**

43 Теңир Муса менен Арунга мындай деди: «Пасах курмандыгынын мыйзамы мындай: аны башка уруунун бир да кишиси жебесин.

44 Аны күмүшкө сатылып алынган ар бир кул сүннөткө отургузулгандан кийин жесе болот.

45 Аны келгин киши менен жалданма киши жебесин.

46 Аны бир үйдө отуруп жегиле, этин сыртка алып чыкпагыла, сөөктөрүн сындырбагыла.

47 Муну Ысрайылдын бүткүл жамааты аткарсын.

48 Эгерде сенин жаныңа көчүп келген келгин Теңирдин Пасахын өткөргүсү келсе, анда анын бардык эркек аттуулары сүннөткө отургузулсун. Ошондон кийин өткөрө берсин. Ошондо ал ошол жердин жергиликтүү тургуну болуп калат. Сүннөткө отургузулбаган адам аны жебесин.

49 Жергиликтүү тургунга да, силердин араңарга көчүп келген келгинге да бирдей мыйзам болсун».

50 Теңир Муса менен Арунга кандай буйруса, Ысрайыл уулдары так ошондой кылышты.

51 Дал ошол күнү Теңир Ысрайыл уулдарын Мисирден кошуундары менен алып чыкты.

**13-БӨЛҮМ**

**Тун балдардын Кудайга арналышы. Ачыткысыз нан майрамы жөнүндө**

1 Теңир Мусага мындай деди:

2 «Мага ысрайылдыктардын тундарын арна, адамдын туну болобу, малдын биринчи төлү болобу, алар Мага тиешелүү».

3 Муса элге кайрылып, мындай деди: «Силер Мисирден чыккан, кулчулуктан бошонгон ушул күндү эсиңерден чыгарбагыла, анткени Теңир силерди ал жерден күчтүү колу менен алып чыккан. Ачыткы кошулган тамак-аш жебегиле.

4 Силер бүгүн, Абыт айында чыгып жатасыңар.

5 Теңир сени ата-бабаларыңа берем деп убада кылган сүт менен бал аккан жерге, канаандыктардын, хеттиктердин, аморлуктардын, хибиликтердин жана жебустуктардын жерине алып барганда, ушул айда Теңирге ушул ийбадатты кыл.

6 Жети күн ачыткысыз нан же, ал эми жетинчи күн – Теңирге арналган майрам.

7 Ачыткысыз нанды жети күн же. Сенде ачыткы кошулган нан болбосун, сенин жериңде ачыткы кошулган тамак-аш болбосун.

8 Ошол күнү өз уулуңа мындай деп айт: “Мен бул майрамды Теңир мени Мисирден алып чыккандыгы үчүн майрамдап жатам”.

9 Теңирдин мыйзамы оозуңдан түшпөшү үчүн, бул майрам сенин колуңдагы белги жана маңдайыңа байлаган эскертүү болсун, анткени Теңир сени Мисирден күчтүү колу менен алып чыккан.

10 Ушул мыйзамды жыл сайын өз убагында аткар.

**Тун балдар жөнүндө мыйзам**

11 Теңир сага жана сенин ата-бабаларыңа берем деп убада кылган Канаан жерине сени алып барганда, ал жерди сага бергенде,

12 тундарыңды Теңирге бөлүп кой. Малыңдын биринчи төлүнүн эркегин Теңирге арна.

13 Эшегиңдин биринчи төлүн козуга айырбашта. Эгерде айырбаштабасаң, кунун төлө. Тун эркек балдарыңардын да кунун төлөгүлө.

14 Кийин уулуң сенден: "Эмнеге мындай кылып жатасың?" – деп сураса: "Теңир бизди күчтүү колу менен Мисирден алып чыккан, кулчулуктан бошоткон.

15 Фараон бизди коё бербей жатканда, Теңир Мисир жериндеги бардык тунгучтарды: тун балдарды, малдын биринчи төлүн жок кылган. Ошондуктан мен малымдын биринчи төлүнүн эркектеринин бардыгын Теңирге арнап курмандыкка чалып жатам, ал эми тун уулдарымдын кунун төлөп жатам", – деп жооп бер.

16 Бул майрам сенин колуңдагы белги жана маңдайыңа байлаган эскертүү болсун, анткени Теңир бизди Өзүнүн күчтүү колу менен Мисирден алып чыккан».

**Булут мамы жана от мамы**

17 Фараон элди коё бергенден кийин, кыска жол болгонуна карабастан, Кудай аларды Пелишти жерине барчу жол менен алып өткөн жок. Анткени Кудай: «Эл согушту көргөндө өкүнүп, Мисирге кайтып кетпесин», – деди.

18 Ошондуктан Кудай элди Кызыл деңизге чөл аркылуу алып барды. Ысрайыл уулдары Мисир жеринен куралданып чыгышты.

19 Муса Жусуптун сөөгүн ала чыкты, анткени Жусуп Ысрайыл уулдарынан: «Кудай силерге сөзсүз келет, ошондо сөөгүмдү бул жерден ала чыккыла», – деп убада алган.

20 Ошентип, Ысрайыл уулдары Сукоттон чыгып, чөлдүн четиндеги Эйтамга келип, станы менен жайланышты.

21 Күнү-түнү жол жүрсүн деп, Теңир күндүз аларга булут мамынын ичинде жол көрсөтүп, ал эми түн ичинде от мамынын ичинде жарык болуп, алардын алдында бара жатты.

22 Күндүзү булут мамы, түнкүсүн от мамы элдин алдынан кеткен жок.

**14-БӨЛҮМ**

**Кызыл деңизден өтүү**

1 Теңир Мусага мындай деди:

2 «Ысрайыл уулдарына айт, алар артка кайрылып, Баал-Сыпондун маңдайына, Мигдол менен деңиздин ортосуна, Пи-Ахиротко барып, станы менен жайланышсын. Баал-Сыпондун каршысына, деңиз жээгине жайланышкыла.

3 Фараон Ысрайыл уулдары жөнүндө: "Алар бул жерде адашып, чөлгө камалып калышты", – деп ойлойт.

4 Мен болсо фараондун жүрөгүн катуулантып коём, ошондо ал силердин артыңардан кууп жөнөйт. Мен Өз даңкымды фараон аркылуу, анын аскери аркылуу көрсөтөм. Ошондо мисирликтер Менин Теңир экенимди билишет». Ысрайыл уулдары ошондой кылышты.

5 Мисир падышасына «Ысрайыл эли качып кетти» деген кабар берилди. Ошондо фараондун жана анын кулдарынын ойлору өзгөрүп: «Бул эмне кылганыбыз, эмне үчүн ысрайылдыктарды өзүбүзгө иштетпей коё бердик?» – деп өкүнүштү.

6 Ошондо фараон майдан арабасын чегип, эли менен,

7 тандалган алты жүз майдан арабасы менен, Мисирдин бардык майдан арабалары менен, майдан араба башчылары менен чыкты.

8 Теңир Мисир падышасы фараондун жүрөгүн катуулантып койгондуктан, ал Ысрайыл уулдарынын артынан кууп жөнөдү. Ысрайыл уулдары болсо күчтүү колдун астында бара жатышты.

9 Ошентип, мисирликтер алардын артынан кууп жөнөштү. Фараондун майдан арабаларын тарткан аттар, атчан аскерлер, бүт аскерлер аларды деңиздин жанындагы, Баал-Сыпондун маңдайындагы Пи-Ахироттун жанына жайланышкан жеринде кууп жетишти.

10 Фараон жакындап калганда, Ысрайыл уулдары артын карашса, мисирликтер кууп келе жатышыптыр. Ошондо алар аябай коркуп кетип, Теңирге боздоп кайрылышты.

11 Анан Мусага: «Сен бизди чөлдө өлтүргөнү алып келдиң беле? Мисирде бизге көрүстөн жокпу? Бизди Мисирден алып чыгып, кыларың ушул беле?

12 Биз сага Мисирде жүргөндө эле: “Бизди жайыбызга кой, мисирликтерге иштей берели”, – деп айткан жок белек? Чөлдө өлгөнчө, мисирликтерге кул болгонубуз жакшы эмес беле?» – дешти.

13 Ошондо Муса элге кайрылып: «Коркпогула, чыдап турсаңар, Теңир бүгүн силерди кандай куткарып аларын өз көзүңөр менен көрөсүңөр. Бүгүн силер көрүп турган мисирликтерди мындан кийин түбөлүккө көрбөйсүңөр.

14 Силер үчүн Теңир күрөшөт, силер болсо тынчсызданбагыла», – деди.

15 Теңир Мусага: «Эмне үчүн Мага боздоп жатасың? Ысрайыл уулдарына айт, жолун уланта беришсин.

16 Сен болсо таягыңды көтөрүп, колуңду деңизге сунуп, деңизди экиге бөл. Ошондо Ысрайыл уулдары деңиздин ортосундагы кургак жер менен өтүшөт.

17 Мен болсо мисирликтердин жүрөгүн катуулантып коём, алар элдин артынан кууп жөнөшөт. Ошондо Мен Өз даңкымды фараон аркылуу, анын аскерлери, майдан арабалары менен атчан аскерлери аркылуу көрсөтөм.

18 Мен Өз даңкымды фараон аркылуу, анын майдан арабалары, атчан аскерлери аркылуу көрсөткөндө, мисирликтер Менин Теңир экенимди билишет», – деди.

19 Ошондо Ысрайыл кошуунунун алдында жүргөн Кудайдын периштеси ордунан жылып, алардын артына келип турду. Алардын алдындагы булут мамы да ордунан жылып, алардын артына келип,

20 Мисир кошууну менен Ысрайыл кошуунунун ортосуна туруп калды. Булут мамы түнкүсүн бирине караңгылык каптатып, экинчисине жарык берип турду, ошондуктан мисирликтер түнү бою ысрайылдыктарга жакын келе алышкан жок.

21 Муса колун деңизге сунганда, Теңир түнү бою чыгыштан катуу шамал соктурду. Ошондо суулар эки жакка тартылып, деңиздин ортосу кургап калды.

22 Ысрайыл уулдары деңиздин ортосундагы кургак жер менен жөнөштү. Суу болсо алардын оң жагы менен сол жагында дубалдай болуп көтөрүлүп турду.

23 Мисирликтер кууп жөнөштү. Фараондун аттары, майдан арабалары жана атчан аскерлери алардын артынан деңиздин ортосуна киришти.

24 Таңга маал Теңир булут мамы менен от мамыдан мисирликтердин кошуунун карап, аларга дүрбөлөң салды.

25 Алардын майдан арабаларынын дөңгөлөктөрүн чыгарып салды, алар майдан арабаларын араңдан зорго сүйрөп бара жатышты. Ошондо алар мындай дешти: «Ысрайылдыктардан качпасак болбойт, анткени Теңир алар үчүн мисирликтер менен күрөшүп жатат».

26 Теңир Мусага: «Колуңду деңизге сун, ошондо суу мисирликтерди майдан арабалары, атчан аскерлери менен кошо басып калат», – деди.

27 Муса колун деңизге сунду, таңга маал суу өз ордуна келди. Мисирликтер суудан качышты. Ошентип, Теңир мисирликтерди деңиздин ортосуна чөктүрдү.

28 Ордуна келген суу ысрайылдыктардын артынан деңизге кирген фараондун аскерлеринин майдан арабаларын жана атчан аскерлерин басып калды. Алардан бирөө да тирүү калган жок.

29 Ысрайыл уулдары болсо деңиздин ортосундагы кургак жер менен өтүп кетишти. Суу алардын оң жагы менен сол жагында дубалдай болуп көтөрүлүп турду.

30 Ошентип, ошол күнү Теңир ысрайылдыктарды мисирликтердин колунан куткарып алды. Ошондо ысрайылдыктар мисирликтердин деңиз жээгинде өлүп жатканын көрүштү.

31 Ысрайылдыктар Теңирдин мисирликтерге көрсөткөн улуу күчүн көрүп, Теңирден коркуп калышты. Алар Теңирге да, Анын кулу Мусага да ишенип калышты.

**15-БӨЛҮМ**

**Мусанын ыры**

1 Ошондо Муса менен Ысрайыл уулдары Теңирди мактап, мына бул ырды ырдашты: «Теңирге ырдаймын, анткени Ал даңазаланды, атчан аскерди аты менен кошо деңизге чөктүрдү.

2 Теңир менин сепилим, мактоо ырым, Ал мени куткарды. Ал менин Кудайым, Аны даңктаймын. Ал – атамдын Кудайы, Аны даңазалаймын.

3 Теңир – майдан жоокери, Жахаба – Анын ысымы.

4 Фараондун майдан арабаларын, аскерин деңизге чөктүрдү, тандалган аскер башчылары Кызыл деңизге чөгүп өлүштү.

5 Аларды суу басып калды, алар суунун түбүнө таш чөккөндөй чөгүштү.

6 Теңир, Сенин оң колуң даңкталды. Сенин оң колуң душманды талкалады.

7 Өзүңө каршы чыккандарды Өзүңдүн даңкыңдын улуулугу менен кыйраттың. Сенин каарың аларды саман сыяктуу өрттөп жиберди.

8 Теңир, Сенин демиңен деңиз эки жакка тартылды, суу көтөрүлүп, дубалдай болуп калды, айлампалар деңиздин ортосунда токтоп калды.

9 Душман: “Сая кууп жетем, олжону бөлүп алам, олжого тунам, кылычымды кынынан сууруп алып, аларды өз колум менен кырам”, – деди.

10 Сен үйлөгөндө, аларды деңиз басып калды, коргошун сууга чөккөндөй, алар чоң сууга чөгүп өлүштү.

11 Теңир, кудайлардын ичинде Сендей ким бар? Ыйыктыгы менен улуу, мактоого татыктуу, кереметтерди жаратуучу Сендей ким бар?

12 Сен Өзүңдүн оң колуңду сунганда, аларды жер жутуп кетти.

13 Сен Өзүң куткарган ушул элди ырайымың менен жетелеп баратасың. Ыйык жайыңа Өзүңдүн күчүң менен коштоп баратасың.

14 Элдер угуп, титиреп жатышат: Пелиштинин тургундарын коркунуч басты.

15 Эдом төрөлөрү дүрбөлөңгө түшүштү, Мааптын жол башчылары калтырап коркушту, Канаандын бүт тургундарынын көңүлү чөктү.

16 Аларды чоң коркунуч бассын. Теңир, Өз элиң, Өзүң жараткан элиң өтүп кеткенче, алар Сенин улуу күчүңдөн таштай катып калышсын.

17 Теңирим, Сен Өз элиңди Өзүңдүн улуу тооңо, Сен Өзүң турак жай кылып алган жерге, Эгедерим, Өзүң жасаган ыйык жерге алып барып жайгаштыр!

18 Теңир кылымдан кылымга, түбөлүккө падышачылык кылат!

19 Фараондун аттары менен майдан арабалары жана атчан аскерлери деңизге киргенде, Теңир аларды карай деңиз суусун бурду, ал эми Ысрайыл уулдары деңиздин ортосундагы кургак жер менен өтүп кетишти».

**Мириямдын ыры**

20 Арундун карындашы, пайгамбар аял Мирияm, колуна дап алды. Бүт аялдар дап кагып, шаттанып, анын артынан чыгышты.

21 Ошондо Мирияm алардын алдында: «Теңирге ырдагыла. Анткени Ал даңазаланды, атчан аскерди аты менен кошо деңизге чөктүрдү», – деп ырдады.

**Ачуу суу**

22 Муса ысрайылдыктарды Кызыл деңизден алып чыкты. Алар Шур чөлүнө келишти. Чөлдө үч күн жол жүрүштү, ичкенге суу таппай коюшту.

23 Анан Марага келишти, бирок ал жердин суусун иче албай коюшту, анткени ал суу ачуу болчу. Ошондуктан ал жер Мара деп аталып калган.

24 Ошондо эл Мусага: «Эмне ичебиз?» – деп наалыды.

25 Муса Теңирге боздоп кайрылды, ошондо Теңир ага бир жыгачты көрсөттү. Муса аны сууга ыргытканда, суу таттуу болуп калды. Ошол жерде Кудай элге мыйзамдары менен көрсөтмөлөрүн берип, ошол жерде элдин ишенимин сынады.

26 Теңир аларга мындай деди: «Эгерде Кудай-Теңириңди уксаң, Анын алдында Ага жаккан иштерди жасасаң, Анын осуяттары менен мыйзамдарын аткарсаң, анда Мен Мисирдин башына салган илдеттердин бирин да сага жолотпойм, анткени Мен сени айыктыруучу Теңирмин».

27 Анан Ысрайыл уулдары Эйлим деген жерге келишти. Ал жерде он эки булак, жетимиш курма дарагы бар эле. Алар суулардын боюна станы менен жайланышты.

**16-БӨЛҮМ**

**Манна жана бөдөнө**

1 Ысрайыл уулдарынын бүт жамааты Эйлим жеринен чыгышты. Алар Мисир жеринен чыккандан кийин, экинчи айдын он бешинчи күнү Эйлим менен Синайдын ортосундагы Син чөлүнө келишти.

2 Ысрайыл уулдарынын жамааты чөлдө Муса менен Арунга кайрадан наалый баштады.

3 Ысрайыл уулдары аларга: «Биз Мисир жеринде нанды тоё жеп, этке толгон казандын жанында отурганда эле, Теңирдин колунан өлүп калсак эмне! Силер бизди чөлгө ачкадан өлтүргөнү алып келген турбайсыңарбы», – деп наалышты.

4 Ошондо Теңир Мусага мындай деди: «Мен силерге асмандан нан жаадырам. Эл күн сайын сыртка чыгып, бир күнгө жеткидей нан жыйнап алсын. Ушул аркылуу Мен элди Менин мыйзамымды аткарабы, жокпу, сынап көрөм.

5 Алтынчы күнү болсо алып келгендерин даярдашсын, ошондо ал күн сайын жыйнагандарынан эки эсе көп болот».

6 Муса менен Арун Ысрайыл элине мындай деди: «Силерди Мисир жеринен Теңир алып чыкканын кечинде билесиңер.

7 Эртең менен Теңирдин даңкын көрөсүңөр, анткени Ал силердин Теңирге наалыганыңарды укту. Бизге наалыганыңардай, биз ким элек?»

8 Муса мындай деди: «Теңир силерге кечинде эт, эртең менен тоё жегидей нан берет, анткени Теңир силердин Өзүнө нааразы болуп, наалыганыңарды укту. Биз ким элек? Силер бизге эмес, Теңирге наалып жатасыңар».

9 Анан Муса Арунга мындай деди: «Ысрайыл уулдарынын бүт жамаатына мындай деп айт: “Теңирдин алдына баргыла, себеби Ал силердин наалыганыңарды укту”».

10 Арун Ысрайыл уулдарынын бүт жамаатына кайрылганда, алар чөлгө бурулушту. Ошондо Теңирдин даңкы булуттан көрүндү.

11 Теңир Мусага мындай деди:

12 «Мен Ысрайыл уулдарынын наалыганын уктум. Аларга мындай деп айт: “Кечинде эт жейсиңер, эртең менен нанга тоёсуңар, Менин силердин Кудай-Теңириңер экенимди ошондо билесиңер”».

13 Кечинде бөдөнөлөр учуп келип, станды каптады, ал эми эртең менен стандын тегерегине шүүдүрүм түштү.

14 Шүүдүрүм бууланып кетери менен, жердин бетин кыроо каптагансып, чөлдө данга окшогон майда нерселер калды.

15 Ысрайыл уулдары аны көргөндө, бири-биринен: «Бул эмне?» – деп сурашты. Анткени алар анын эмне экенин билишчү эмес. Ошондо Муса аларга мындай деди: «Бул – Теңирдин силерге жегенге берген наны.

16 Теңир силерге мындай буйрук берди: "Ар кимиңер жешиңерче жыйнагыла. Ар ким өз чатырында жашаган кишинин санына жараша, киши башына бир гомордон жыйнасын"».

17 Ысрайыл уулдары ошондой кылышты: бири көп, бири аз жыйнады.

18 Жыйнагандарын гомор менен ченешти. Көп жыйнагандыкы ашып калган жок, аз жыйнагандыкы жетпей калган жок. Ар ким жешине жараша жыйнады.

19 Муса аларга: «Эртең мененкиге калтырбагыла», – деди.

20 Бирок алар Мусанын айтканын угушкан жок. Кээ бирөөлөрү жыйнагандарынан эртең мененкиге калтырып коюшту, бирок анысы курттап, сасып кетти. Ошондо аларга Мусанын ачуусу келди.

21 Алар күндө эртең менен өздөрүнө жеткидей жыйнашчу. Күн ысыганда, ал эрип кетчү.

22 Алтынчы күнү алар нанды эки эсе көп, киши башына эки гомордон жыйнашты. Муну жамаат башчылары Мусага айтып келишти.

23 Муса аларга мындай деди: «Теңир мындай деди: "Эртең дем алыш, Теңирдин ыйык ишембиси. Отко бышыра турганыңарды бүгүн бышырып, кайната турганыңарды бүгүн кайнатып алгыла, артып калганын алып коюп, эртең мененкиге чейин сактагыла"».

24 Алар Муса айткандай кылып, артып калгандарын эртең мененкиге калтырып коюшту, ал сасыган да жок, курттаган да жок.

25 Муса аларга: «Муну бүгүн жегиле, анткени бүгүн Кудайдын ишембиси. Бүгүн муну талаадан таппайсыңар.

26 Аны алты күн жыйнагыла. Ал эми жетинчи күн – ишемби. Бул күнү манна болбойт», – деди.

27 Кээ бирөөлөр жетинчи күнү жыйнаганы чыгышты, бирок эч нерсе таба алышкан жок.

28 Ошондо Теңир Мусага мындай деди: «Качанкыга чейин Менин осуяттарым менен мыйзамдарымды аткаруудан баш тартасыңар?

29 Эсиңерден чыкпасын, ишембини силерге Теңир берди, ошон үчүн Ал силерге алтынчы күнү эки күндүк нан берип жатат. Ишемби күнү ар ким өз үйүндө болсун, эч ким өз үйүнөн чыкпасын».

30 Ошентип, эл жетинчи күнү эс алды.

31 Ысрайыл эли бул нанды «манна» деп атады. Ал нандын өңү кориандрдын уругундай аппак, даамы бал кошулган нандай эле.

32 Муса аларга мындай деди: «Теңир мындай деп буйруду: “Укум-тукумуңарга сактап коюу үчүн, бир идишке бир гомор манна толтургула, силерди Мисирден алып чыккандан кийин, Мен силерди чөлдө кандай нан менен азыктандырганымды алар көрүшсүн”».

33 Анан Муса Арунга мындай деди: «Бир идиш алып, ага бир гомор манна толтур да, укум-тукумуңарга сактап коюу үчүн, аны Теңирдин алдына коюп кой».

34 Теңир Мусага буйругандай, Арун аны сактап коюу үчүн, келишим сандыгынын алдына алып барып койду.

35 Ысрайыл уулдары өздөрү жашай турган жерге жеткиче, маннаны кырк жыл жешти. Алар Канаан жеринин чек арасына келгенге чейин манна жешти.

36 Гомор болсо эйфанын ондон бир бөлүгү.

**17-БӨЛҮМ**

**Аскадан чыккан суу**

1 Ошентип, Теңирдин буйругу боюнча Ысрайыл уулдарынын бүт жамааты Син чөлүнөн чыгып, Репидимге келип, станы менен жайланышты. Ал жерде ичерге суу жок эле.

2 Ошондо эл Мусаны: «Бизге ичкенге суу бергиле», – деп жемеледи. Муса аларга: «Силер эмне мени жемелеп жатасыңар? Эмнеге Теңирди сынап жатасыңар?» – деди.

3 Ошол жерде эл суусуга зар болуп, Мусага мындай деп наалыды: «Сен бизди Мисирден эмнеге алып чыктың? Бизди балдарыбыз, малыбыз менен кошо суусуга чаңкатып өлтүрөйүн дедиңби?»

4 Ошондо Муса Теңирге мындай деп боздоп жиберди: «Бул элди мен эмне кылам? Алар мени таш бараңга алып өлтүрүүгө даяр».

5 Теңир Мусага мындай деди: «Элдин алдына өтүп, Ысрайыл аксакалдарынын бир нечесин жана сууну чапкан таягыңды алып, жөнө.

6 Мен сенин алдыңда, Хорептеги асканын үстүндө турам. Сен асканы чапканда, андан суу чыгып, эл суу ичет». Муса Ысрайыл аксакалдарынын көз алдында ошондой кылды.

7 Ысрайыл уулдарынын жемелегенине байланыштуу ал жерге Маса жана Мериба деген ат койду, анткени алар Теңирди: «Биздин арабызда Теңир барбы же жокпу?» – деп сынашты.

**Амалыктыктардын жеңилиши**

8 Ошондо амалыктыктар Репидимге келип, ысрайылдыктар менен согушушту.

9 Муса Жашыяга: «Эркектерди тандап алып, амалыктыктар менен согуш. Эртең мен дөбөнүн башында турам, Кудайдын таягы менин колумда болот», – деди.

10 Жашыя Мусанын айтканындай кылып, амалыктыктар менен согушканы жөнөдү. Ал эми Муса, Арун жана Хур дөбөнүн башына чыгышты.

11 Муса колдорун көтөргөндө, Ысрайыл жеңип, колдорун түшүргөндө, амалыктыктар жеңип жатты.

12 Бирок Мусанын колдору талыды, ошондо Мусанын астына таш коюп беришти, ал таштын үстүнө отурду. Арун менен Хур болсо, бири бир жагынан, экинчиси экинчи жагынан Мусанын колдорун сүйөп турушту. Ошентип, анын колдору күн батканча көтөрүлүп турду.

13 Жашыя амалыктыктарды кылыч мизине алып кыйратты.

14 Ошондо Теңир Мусага: «Ушуну эстелик үчүн китепке жазып кой. Амалыктыктарды жер үстүнөн таптакыр жок кыларымды Жашыянын кулагына куй», – деди.

15 Муса Кудайга курмандык чалынуучу жай куруп, аны Жахаба-Ниси деп атады.

16 Анткени ал: «Колум Теңирдин тактысында. Теңирдин амалыктыктарга каршы согушу укумдан-тукумга уланат», – деди.

**18-БӨЛҮМ**

**Муса менен Итро**

1 Мидиандык буткана кызматчысы, Мусанын кайнатасы Итро Кудайдын Мусага жана Өз элине эмне кылганынын баарын, Теңирдин Ысрайылды Мисирден кантип алып чыкканын укту.

2 Мусанын кайнатасы Итро ошондон мурунураак келген Мусанын аялы Сипорду,

3 анын эки уулун алып, Мусага келди. «Мен бөтөн жерде келгин болуп калдым», – деп, Муса биринчи уулуна Гейиршом деген ат койгон эле.

4 «Атамдын Кудайы мага жардам берип, мени фараондун кылычынан куткарды», – деп, экинчи уулуна Элиезер деген ат койгон эле.

5 Мусанын кайнатасы Итро анын уулдары менен аялын алып, чөлгө, Мусага келди. Муса Кудайдын тоосунун жанына станы менен жайланышкан эле.

6 Ал Мусага: «Мен, кайнатаң Итро, аялың менен эки уулуңду алып, сага бара жатам», – деп кабар жиберди.

7 Муса кайнатасын тосуп чыгып, жүгүнүп, аны өптү. Экөө учурашкандан кийин, чатырга кирешти.

8 Ошондо Муса кайнатасына Теңирдин Ысрайыл үчүн фараон менен мисирликтерге эмне кылганын, жолдо кандай кыйынчылыктарга туш болгонун, Теңир аларды кантип куткарганын бүт айтып берди.

9 Итро Теңирдин Ысрайылды мисирликтердин колунан куткарганда көрсөткөн бардык жакшылыгын угуп кубанды.

10 Ошондо Итро: «Силерди мисирликтердин жана фараондун колунан куткарган, бул элди Мисирдин бийлигинен бошоткон Теңирге даңк!

11 Теңирдин бардык кудайлардан улуу экенин эми билдим, анткени алар ысрайылдыктарга кыйынсынышканда, Ал Өзүнүн кудуреттүүлүгүн көрсөттү», – деди.

12 Анан Мусанын кайнатасы Итро Кудайга арнап бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты жана башка курмандыктарды алып келди. Ошондо Арун Ысрайылдын бүт аксакалдарын ээрчитип, Мусанын кайнатасы менен бирге Кудайдын алдында тамак жегени келди.

**Итронун кеңештери**

13 Эртеси күнү Муса элге сот жүргүзүү үчүн отурду. Эл болсо эртеден кечке Мусанын алдында турду.

14 Ошондо Мусанын кайнатасы анын элге сот жүргүзүп жатканын көрүп, мындай деди: «Элди эмне кылып жатасың? Эмне үчүн сен жалгыз отурасың? Эмне үчүн бүт эл эртеден кечке алдыңда турат?»

15 Муса кайнатасына мындай деп жооп берди: «Эл мага Кудайдын эркин суроо үчүн келип жатат.

16 Алардын кандайдыр бир талашы болсо, мага келишет, мен аларга сот жүргүзөм, Кудайдын көрсөтмөлөрү менен мыйзамдарын айтам».

17 Ошондо Мусанын кайнатасы ага мындай деди: «Сенин мындай кылганың жакшы эмес.

18 Сен өзүңдү да, алдыңдагы элди да кыйнап жатасың, анткени бул иш сага оордук кылат. Сен муну жалгыз аткара албайсың.

19 Ошондуктан менин айтканымды ук. Мен сага акыл айтайын, Кудай сени менен болот. Сен болсо эл үчүн Кудайдын алдында арачы болуп, элдин иштерин Кудайга жеткирип тур.

20 Аларга Кудайдын көрсөтмөлөрү менен мыйзамдарын үйрөтүп, алар жүрө турган Кудайдын жолун жана алар кыла турган иштерди көрсөт.

21 Эл ичинен жөндөмдүү, Кудайдан корккон, ач көздүктү жек көргөн, адилет адамдарды тандап алып, аларды элге миң башы, жүз башы, элүү башы жана он башы кылып дайында.

22 Ошолор элге ар убак сот жүргүзүшсүн, маанилүү иштерди сага билдирип турушсун, ал эми майда иштерди өздөрү чечишсин, ошондо сага жеңилирээк болот, алар оор жүктү сени менен бирге көтөрүшсүн.

23 Эгерде сен ушундай кылсаң, Кудай сага эмне кылыш керек экенин айтып турат. Ошондо сен бекем тура аласың, эл да өз ордуна тынчтык менен тарап кетет».

24 Муса кайнатасынын сөзүнө макул болуп, ал айткандын баарын кылды.

25 Муса ысрайылдыктардын ичинен жөндөмдүү адамдарды тандап алып, аларды миң башы, жүз башы, элүү башы жана он башы кылып, элди башкарууга дайындады.

26 Алар ар убак элге сот жүргүзүштү. Оор иштерди Мусага айтып, ал эми майда иштерди өздөрү чечип турушту.

27 Анан Муса кайнатасын узатып жиберди. Ал өз жерине кетти.

**19-БӨЛҮМ**

**Ысрайыл Синай тоосунун этегинде**

1 Мисир жеринен чыгышкандан кийин, үчүнчү айдын биринчи күнү, ай жаңырган күнү Ысрайыл уулдары Синай чөлүнө келишти.

2 Алар Репидимден чыгып, Синай чөлүнө келип, станы менен жайланышышты. Ысрайыл эли ошол жердеги тоонун бет маңдайына станы менен жайланышты.

3 Муса Кудай менен сүйлөшүү үчүн, тоого чыкты. Тоодон Теңир ага мындай деп кайрылды: «Жакыптын элине, Ысрайыл уулдарына мындай дегин:

4 “Менин мисирликтерге эмне кылганымды көрдүңөр, Мен силерди бүркүт балапанын канатына көтөргөндөй көтөрүп жүрүп, Өзүмө алып келдим.

5 Ошондуктан силер Мени угуп, Менин келишимимди сактасаңар, анда бүт элдердин ичинен силер Менин энчим болосуңар, анткени бүт жер Меники.

6 Силер Мен үчүн ыйык кызмат кылуучулардын падышачылыгы жана ыйык эл болосуңар”. Сенин Ысрайыл уулдарына айта турган сөзүң ушул».

7 Муса келип, эл аксакалдарын чакырды да, Теңир осуяттаган ушул сөздөрдү айтты.

8 Ошондо бүт эл бир добуштан: «Теңир эмнени айтса, ошонун баарын аткарабыз», – деп жооп берди. Муса элдин айткан сөзүн Теңирге жеткирди.

9 Ошондо Теңир Мусага мындай деди: «Сени менен сүйлөшкөнүмдү эл угушу үчүн жана сага дайыма ишениши үчүн, Мен сага калың булуттун ичинде келем». Муса элдин айткан сөздөрүн Теңирге айтып берди.

10 Ошондо Теңир Мусага: «Элге барып, аларды бүгүн да, эртең да ыйыкта. Алар кийимдерин жууп тазалашсын.

11 Үчүнчү күнгө даяр болушсун, анткени үчүнчү күнү Теңир бүт элдин көз алдында Синай тоосуна түшүп келет.

12 Эл турган жерди тегерете сызып кой. Анан аларга мындай де: “Сак болгула, тоого чыкпагыла, тоонун этегине да жакындабагыла. Ким тоого жакындаса, ал өлүүгө тийиш.

13 Ал адамга эч ким колун тийгизбесин, аны таш бараңга алышсын же жаа менен атышсын, мал болобу, адам болобу, тирүү калбасын”. Сурнай үнү чыкканда гана тоого чыкса болот», – деди.

14 Муса тоодон түшүп келип, элди ыйыктады. Алар өз кийимдерин жууп тазалашты.

15 Ошондо Муса элге: «Үчүнчү күнгө даяр болгула. Аялыңарга жакындабагыла», – деди.

16 Үчүнчү күнү таң атары менен күн күркүрөдү, чагылган чартылдады, калың булут тоонун башына келди, анан сурнай үнү катуу жаңырды. Ошондо стандагы эл абдан коркуп кетти.

17 Муса элди стандан Кудай менен жолугушуу үчүн алып чыкты. Алар тоонун этегинде турушту.

18 Теңир от ичинде түшкөндүктөн, Синай тоосу түтөп жатты. Түтүн тоодон мештен чыккан түтүндөй болуп чыгып жатты, тоо катуу солкулдап турду.

19 Сурнай үнү барган сайын катуулай берди. Муса сүйлөп жатты, Кудай болсо катуу үн менен жооп берип жатты.

20 Анан Теңир Синай тоосуна түшүп келип, тоонун башынан Мусаны чакырды, Муса тоонун башына чыкты.

21 Ошондо Теңир Мусага: «Ылдый түшүп, элге эскерт, алар Теңирди көрөм деп жулунбасын, ошентем деп, көпчүлүгү өлүп калбасын.

22 Теңирге жакындай турган ыйык кызмат кылуучулар болсо, Теңир аларды өлтүрүп салбашы үчүн, өздөрүн ыйыкташсын», – деди.

23 Ошондо Муса Теңирге: «Эл Синай тоосуна чыга албайт, анткени Сен бизге: “Тоону тегерете сызып, аны «ыйык» деп жарыяла деп эскерткенсиң”», – деди.

24 Теңир ага: «Ылдый түшүп кел. Кайра өйдө чыгып келе жатканыңда, Арунду ала кел, бирок ыйык кызмат кылуучулар менен эл тоого чыгып, Теңирге барам деп жулунбасын, Теңир аларды кырып салат», – деди.

25 Муса түшүп келип, элге ушунун баарын айты.

**20-БӨЛҮМ**

**Он осуят**

1 Ошондо Теңир мына бул сөздөрдү айтты:

2 «Сени Мисир жеринен алып чыккан, кулчулуктан бошоткон Кудай-Теңириң Менмин.

3 Менден башка кудайларың болбосун.

4 Өзүңө буркан жана жогорку асмандагы, төмөнкү жердеги, жерден төмөн суудагы нерселердин түспөлүн жасаба.

5 Аларга табынба, кызмат кылба, анткени Кудай-Теңириң Менмин. Мени жек көргөндөрдүн балдарын ата-бабаларынын күнөөсү үчүн үчүнчү, төртүнчү тукумуна чейин жазалаган кызганчаак Кудаймын.

6 Мени сүйгөндөрдүн, Менин осуяттарымды сактагандардын миңинчи тукумуна чейин ырайым кылган Кудаймын.

7 Кудай-Теңириңдин атын курулай эле айта бербе, анткени Анын атын курулай эле айта бергендерди Теңир жазасыз калтырбайт.

8 Ишемби күндү ыйык тутууну эсиңден чыгарба.

9 Алты күн иштеп, ар кандай ишиңди кыл.

10 Ал эми жетинчи күн – Кудай-Теңириңдин ишемби күнү. Ал күнү өзүң да, уулуң да, кызың да, кулуң да, күңүң да, малың да, үйүңдө жүргөн келгин да эч кандай жумуш кылбасын.

11 Анткени алты күндө Теңир асманды, жерди, деңизди жана аларда жашагандын бардыгын жаратып бүткөн, ал эми жетинчи күнү эс алган. Ошондуктан Теңир ишемби күнгө батасын берип, аны ыйыктап койгон.

12 Кудай-Теңириң берип жаткан жерде өмүрүң узун болсун десең, ата-энеңди сыйла.

13 Киши өлтүрбө.

14 Ойноштук кылба.

15 Уурдаба.

16 Жакыныңа жалаа жаппа.

17 Жакыныңдын үйүнө көз артпа. Жакыныңдын аялына, кулуна, күңүнө, өгүзүнө, эшегине, эч нерсесине көз артпа».

**Ысрайылдыктардын коркушу**

18 Бүт эл күндүн күркүрөгөнүн, сурнай үнүн угуп, жалынды, түтөгөн тоону көрүп турду. Муну көргөн эл артка кетенчиктеп, алыс барып турду.

19 Анан алар Мусага: «Биз менен сен сүйлөш, сени угалы, биз менен Кудай сүйлөшпөсүн, болбосо өлүп калабыз», – дешти.

20 Муса элге кайрылып: «Коркпогула, Кудай силерди сыноо үчүн, Андан коркушуңар үчүн, күнөөгө батпашыңар үчүн келди», – деди.

21 Эл алыста турду. Муса болсо Кудай турган караңгы булутка кирди.

**Курмандык чалынуучу жай жөнүндө мыйзам**

22 Ошондо Теңир Мусага: «Ысрайыл уулдарына айт: "Менин силерге асмандан кантип сүйлөгөнүмдү көрдүңөр.

23 Менин алдымда өзүңөргө күмүштөн же алтындан кудай жасабагыла".

24 Мага курмандык чалынуучу жайды топурактан жаса. Анын үстүнө бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктарыңды, тынчтык курмандыктарыңды, койлоруңду, өгүздөрүңдү курмандыкка чал. Ошондо Мен Менин ысымымды эстетип турган жерге келип, сага батамды берем.

25 Эгерде Мага курмандык чалынуучу жайды таштан жасай турган болсоң, анда аны жылмаланган таштан жасаба. Анткени сүргүч тийгизер замат, аны булгап койгон болосуң.

26 Жылаңач этиң көрүнүп калбашы үчүн, Мен үчүн курган курмандык чалынуучу жайга тепкич менен чыкпа.

**21-БӨЛҮМ**

**Кулдар жөнүндө мыйзамдар**

1 Сен аларга бере турган мыйзамдар мындай:

2 Эгерде эврей кул сатып алсаң, ал алты жыл иштесин. Ал эми жетинчи жылы эркиндикке бекер чыксын.

3 Эгерде ал жалгыз келсе, жалгыз чыксын. Эгерде анын аялы бар болсо, аялы менен чыксын.

4 Эгерде кулдун кожоюну ага аял алып берсе, аялы ага уул же кыз төрөп берсе, анда аялы менен балдары кожоюнунда калып, ал өзү жалгыз чыксын.

5 Эгерде кулу: "Мен кожоюнумду да, аялымды да, балдарымды да жакшы көрөм, эркиндикке чыкпайм", – десе,

6 анда кожоюну аны башкаруучулардын алдына алып келип, эшиктин же кашектин жанына тургузуп, кулагын шибеге менен тешсин, ошондо ал ага өмүр бою кул болуп калат.

7 Эгерде кимдир бирөө кызын күңдүккө сатса, анда анын кызы башка кулдардай болуп эркиндикке чыга албайт.

8 Эгерде күң өз кожоюнуна жакпаса, кожоюну аны албаса, анда күңдүн кунун төлөп алууга башкага уруксат берсин. Бирок ал өзү андан баш тарткандыктан, аны бөтөн элге сатууга акысы жок.

9 Эгерде аны өз уулуна никелеп койсо, анда өз кызындай көрсүн.

10 Эгерде уулуна башка аял алып берсе, анда ал күң тамактан, кийимден жана жубайлык укугунан ажырабашы керек.

11 Эгерде кожоюн ал күң үчүн ушул үч шартты аткарбаса, анда ал эркиндикке кунсуз, бекер чыксын.

**Кордук көрсөткөндөр жөнүндө мыйзам**

12 Кимдир бирөө бирөөнү уруп жибергенде, ал өлүп калса, анда ал өлүм жазасына тартылсын.

13 Бирок ал атайылап өлтүрбөсө, анын өлүмүнө Кудай жол берген болсо, анда өлтүргөн киши качып кете турган жерди сага Өзүм көрсөтөм.

14 Ал эми кимдир бирөө жакынын атайылап өлтүрсө, анда аны Менин курмандык чалынуучу жайымдан алып кетип, өлүм жазасына тарт.

15 Ким атасын же энесин урса, ал өлүм жазасына тартылсын.

16 Ким киши уурдап сатса же ал анын колунан табылса, анда ал өлүм жазасына тартылсын.

17 Ким атасына же энесине жаман айтса, ал өлүм жазасына тартылсын.

**Денеге зыян келтиргендер жөнүндө мыйзам**

18 Эки адам чатакташа кетип, бири экинчисин таш менен же муштум менен урса, ал тирүү калып, бирок төшөккө жатып калса,

19 ордунан туруп, таяк таянып үйдөн чыгууга жараса, урган киши өлүм жазасына тартылбайт, бирок анын токтоп калган жумушу үчүн жана дарылануусу үчүн төлөп берсин.

20 Ким өз кулун же күңүн таяк менен уруп, ал анын колунан өлүп калса, анда ал жазалансын.

21 Эгерде ал бир-эки күндөн кийин туруп кетсе, ал жазаланбасын, анткени алар анын күмүшүнө келген.

22 Эки адам мушташа кетип, бири кош бойлуу аялды уруп жиберип, аялдын боюнан түшүп калса, бирок башка зыян тартпаса, анда ал аялдын күйөөсү салган салыкты төлөп берсин, ал салыкты соттордун көзөмөлү астында төлөп берсин.

23 Эгерде аялдын денеси зыян тарткан болсо, анда жанга жан,

24 көзгө көз, тишке тиш, колго кол, бутка бут,

25 күйүккө күйүк, жараатка жараат, көгөргөн жер үчүн көгөргөн жер.

26 Ким кулун же күңүн көзгө уруп, көзүнө зыян келтирсе, анда көзү үчүн аларды эркиндикке чыгарсын.

27 Ким кулунун же күңүнүн тишин ыргыта урса, анда тиши үчүн да аларды эркиндикке чыгарсын.

28 Эгерде эркек кишини же аял кишини бука сүзүп өлтүрсө, анда ал буканы таш бараңга алып өлтүргүлө, бирок этин жебегиле, ал эми буканын ээси күнөөлүү эмес.

29 Эгерде букасынын мурда эле сүзөнөөк экенин ээси билип туруп карабаса, ал эркекти же аялды сүзүп өлтүрсө, анда ал буканы таш бараңга алып өлтүргүлө, ээси да өлүм жазасына тартылсын.

30 Эгерде андан кун талап кылышса, өз жаны үчүн ошол кунду төлөп берсин.

31 Бирөөнүн уулун сүзсө да, кызын сүзсө да, ага ушул эле мыйзам колдонулсун.

32 Эгерде бука кулду же күңдү сүзсө, анда алардын кожоюнуна буканын ээси отуз күмүш шекел төлөсүн, ал эми бука таш бараңга алынсын.

33 Эгерде кимдир бирөө жабык чуңкурду ачып же чуңкур казып, үстүн жаппай койсо, ага бука же эшек түшүп кетсе,

34 анда чуңкурдун ээси мал ээсине күмүш төлөп берсин, ал эми өлгөн мал аныкы болот.

35 Эгерде кимдир бирөөнүн букасы коңшусунун букасын сүзүп өлтүрсө, анда өлтүргөн буканы сатып, акчасын тең бөлүп алышсын. Ошондой эле өлгөн буканы да тең бөлүп алышсын.

36 Эгерде букасынын мурда эле сүзөнөөк экенин билип туруп, ээси аны карабаса, анда ал буканын ордуна бука төлөп берсин, ал эми өлгөн бука аныкы болот.

## 22-БӨЛҮМ

### Чыгаша келтиргендер жөнүндө мыйзам

1 Эгерде кимдир бирөө өгүз же кой уурдап союп алса же сатса, анда бир өгүз үчүн беш өгүз, бир кой үчүн төрт кой төлөйт.

2 Эгерде кимдир бирөө түнкүсүн уурунун үстүнөн чыгып, аны уруп өлтүрүп салса, анын каны үчүн жооп бербейт.

3 Эгерде күндүз уурунун үстүнөн чыгып өлтүрүп салса, анда анын каны үчүн жооп берет. Уурдаган киши төлөш керек. Эгерде төлөй албаса, анда уурдалгандын ордуна өзү сатылсын.

4 Эгерде уурдалган мал: өгүз болобу, эшек болобу, кой болобу, уурунун колунан тирүү табылса, анда эки эселеп төлөсүн.

5 Эгерде кимдир бирөө малын коё берип, бирөөнүн талаасын же жүзүмзарын тепсетип талкаласа, анда ал ага өзүнүн талаасынын же жүзүмзарынын түшүмүнүн эң жакшысын берсин.

6 Эгерде өрт чыгып, тикендүү жыгачты каптап, бирөөнүн чөмөлөсү, же эгини, же талаасы күйүп кетсе, анда өрт чыгарган адам аны төлөп берсин.

7 Эгерде кимдир бирөө жакынына күмүшүн же буюмдарын сактап турууга берсе, алар анын үйүнөн уурдалып кетсе, бирок ууру табылса, ал эки эселеп төлөп берсин.

8 Эгерде ууру табылбаса, анда үйдүн ээси соттордун алдына келип, жакынынын менчигине тийбегендигин айтып каргансын.

9 Эгерде кимдир бирөө талаш-тартыштуу бир нерсесин: өгүзүн, же эшегин, же коюн, же кийимин, же жоготкон нерсесин жакын адамынан таап алып, "меники" десе, анда экөө тең сотко келсин. Сот кимди күнөөлүү деп тапса, ал жакынына эки эселеп төлөп берсин.

10 Ким өз жакынына эшегин, же өгүзүн, же коюн, же башка бир малын багып берүүгө берсе, анан ал өлүп калса, же майып болсо, же уурдалып кетсе, бирок эч ким көрбөсө,

11 анда ал жакынынын менчигине тийбегендигин айтып, Кудайдын алдында каргансын. Мал ээси анын карганганына ишенсин, ошондо жакыны эч нерсе төлөбөйт.

12 Эгерде уурдалып кетсе, анда ал мал ээсине төлөп берсин.

13 Эгерде жырткыч жара тартып кетсе, анда далил үчүн жара тартылган өлүктү көрсөтсүн. Жырткыч жара тартып кеткен малды ал төлөбөйт.

14 Эгерде кимдир бирөө өз жакынынын малын пайдаланганга алса, ал мал ээси жокто майып болсо же өлүп калса, анда ал төлөп берсин.

15 Эгерде малдын ээси жанында болсо, анда ал төлөбөйт. Эгерде малды акысын берип жалдап алса, анда ошол акы жалданган малдын ордуна эсептелсин.

**Жүрүм-турум жана адеп-ахлак жөнүндө мыйзамдар**

16 Эгерде кимдир бирөө эч ким менен убадалаша элек кызды азгырып, аны менен жатса, анда калыңын төлөп, кызды аялдыкка алсын.

17 Эгерде атасы ага кызын бербей койсо, анда кыздар үчүн канча калың берилсе, ошончо күмүш төлөсүн.

18 Балчы-сыйкырчыларды тирүү калтырба.

19 Мал менен жанашкан адам өлүм жазасына тартылсын.

20 Теңирден башка кудайларга курмандык чалгандар жок кылынсын.

21 Келгинди кысымга алба, кордобо, анткени силер өзүңөр да Мисир жеринде келгин болгонсуңар.

22 Жесирди да, жетимди да кысымга алба.

23 Эгерде аларды кысымга алып кордосоң, алар Мага боздоп кайрылышат. Ошондо Мен алардын ыйын угам.

24 Мен каарданып, силерди кылычтап кырам, аялыңар жесир, балдарыңар жетим калат.

25 Эгерде сен Менин элимдин жардыларына карызга акча берсең, анда аны кысымга алып, үстөк кошуп алба.

26 Эгерде жакыныңдын кийимин күрөөгө алсаң, күн батканча кайрып бер.

27 Анткени ал кийим – анын жалгыз жамынчысы, ал – анын денесин жаба турган кийими. Ал эмнени кийип жатат? Ал Мага ыйлап кайрылганда, Мен угам, анткени Мен боорукермин.

28 Кудайга акарат келтирбе, өз элиңдин башчыларына тил тийгизбе.

29 Эгиниңдин биринчи түшүмүн, жүзүмүңдүн биринчи ширесин Мага кечиктирбей алып кел, уулдарыңдын ичинен тунун Мага бер.

30 Бодо малыңдын да, коюңдун да биринчи төлүн Мага бер. Жети күн алар өз энелеринин жанында болсун, сегизинчи күнү аларды Мага бер.

31 Ошондо силер Менин ыйык элим болосуңар. Талаадан жырткыч жара тартып кеткен малдын этин жебегиле. Аны иттерге ыргытып жибергиле.

**23-БӨЛҮМ**

**Акыйкаттык жөнүндө**

1 Ушак таратпа, жалган күбө болбош үчүн, кудайсызга кол сунба.

2 Көпчүлүктү ээрчип жамандыкка барба, талаш-тартышты көпчүлүккө карап чечпе, чындыктан четтебе.

3 Жардынын ишин жардылыгына карап коргобо.

4 Эгерде душманыңдын адашкан өгүзүн же эшегин тапсаң, аны ээсине алып барып бер.

5 Эгерде душманыңдын эшеги жыгылып, көтөргөн жүгүнүн астында калганын көрсөң, талаага таштабай, анын жүгүн чечиш.

6 Жакырдын ишин туура эмес соттобо.

7 Калптан кач, айыпсызды, адилеттүүнү өлтүрбө, анткени Мен мыйзамсыздык кылган адамды актабайм.

8 Пара алба, анткени пара көздүүнү сокур кылып, актын ишин бурмалайт.

9 Келгинди таарынтпа, анткени силер келгин болгон кандай экенин билесиңер, анткени өзүңөр да Мисир жеринде келгин болгонсуңар.

**Жетинчи күн жана жетинчи жыл жөнүндө мыйзам**

10 Жериңди алты жыл иштетип, түшүмүн ал.

11 Ал эми жетинчи жылы жериң эс алсын, элиңдин жакырлары жанын баксын, алардан калганын талаадагы жаныбарлар жесин. Жүзүмзарың менен зайтун дарагыңды да ошондой кыл.

12 Алты күн иштеп, жетинчи күнү эс ал. Ошондо өгүзүң да, эшегиң да, күңүңдүн баласы да, келгин да эс алат.

13 Силерге айтканымдын баарын аткаргыла. Башка кудайлардын аттарын атабагыла, алардын аттарын оозуңарга албагыла.

**Үч чоң майрам жөнүндө мыйзам**

14 Мага арнап, бир жылда үч жолу майрам өткөр.

15 Ачыткысыз нан майрамын өткөрүп тур. Мен сага буйругандай, Абыт айынын белгиленген убагында жети күн ачыткысыз нан же, анткени ошол убакта Мисирден чыккансың. Эч ким Менин алдыма куру кол келбесин.

16 Талаага эккен эгиниңдин биринчи түшүмүн жыйнаганыңда, Эгин жыйноо майрамын өткөр; жыл аягында түшүм жыйнаганыңда, Түшүм майрамын өткөр.

17 Бардык эркек аттууларың Эгедер Теңирдин алдына жылына үч жолу келишсин.

18 Мага арнап чалган курмандыгыңдын канын ачытк кошулган нан менен бирге алып келбе. Мага арнап чалган майрамдык курмандыктын майы эртең мененкиге калбасын.

19 Жериңден алган биринчи түшүмүңдү Кудай-Теңириңдин үйүнө алып кел. Улакты энесинин сүтүнө бышырба.

**Убадалар жана акыл-насааттар**

20 Мен даярдап койгон жерге сени жолдо сактап жеткириш үчүн, алдыңа бир периштени жиберип жатам.

21 Анын алдында абайлап жүр, анын үнүнө кулак сал, ага каршы чыкпа. Эгерде каршы чыксаңар, ал силердин күнөөңөрдү кечирбейт, анткени Менин ысымым анда.

22 Эгерде анын үнүнө кулак салып, Мен айткандын баарын аткарсаң, анда сенин душмандарыңа душман, кастарыңа кас болом.

23 Менин периштем алдыңа түшүп, сени аморлуктардын, хеттиктердин, периздиктердин, канаандыктардын, хибиликтердин жана жебуступтардын жерине алып барганда, Мен аларды жок кылганда,

24 алардын кудайларына табынба, аларга кызмат кылба, алардын иштерин тууraба, тескерисинче, аларды талкала, мамыларын кыйрат.

25 Өз Кудай-Теңириңе кызмат кыл, ошондо Ал жеген наныңа, ичкен сууңа батасын берет. Мен сага оору-сыркоо жолотпойм.

26 Сенин жериңде ара төрөгөндөр жана төрөбөгөндөр болбойт. Өмүрүңдү узун кылам.

27 Сенин алдыңан Өзүмдүн коркунучумду жиберем, сен арасына барган элдердин баарын дүрбөлөңгө түшүрөм, бардык душмандарыңды сенден качырам.

28 Сенин алдыңан чоң аарыларды жиберем, алар сенден хибиликтерди, канаандыктарды жана хеттиктерди кууп чыгат.

29 Жер ээн калып, жырткыч айбандар көбөйүп, сага кол салбашы үчүн, Мен аларды сенден бир эле жылдын ичинде кууп чыгарбайм.

30 Сен тукумдап көбөйүп, ал жерди ээлемейинче, ал элдерди сенден аз-аздан кууп чыгып турам.

31 Сенин чек араңды Кызыл деңизден Пелишти деңизине чейин жана чөлдөн дарыяга чейин жеткирем. Ал жердин тургундарын сенин колуңа берем, сен аларды кууп чыгасың.

32 Алар менен да, алардын кудайлары менен да байланыш түзбө.

33 Алар сени Мага каршы күнөөгө түртпөшү үчүн, сенин жериңде жашабасын. Анткени сен алардын кудайларына кызмат кылсаң, анда алар сен үчүн жайылган тор болот».

**24-БӨЛҮМ**

**Элдин курмандык чалынуучу жайдын алдында берген убадасы**

1 Анан Теңир Мусага мындай деди: «Арунду, Надапты, Абыйутту жана Ысрайылдын жетимиш аксакалын алып, тоого чыгып, Мага алыс туруп таазим кылгыла.

2 Теңирге Муса гана жакындасын. Ал эми тигилер жакындабасын, эл аларга кошулуп келбесин».

3 Муса келип, Теңирдин сөздөрү менен мыйзамдарынын баарын элге айтып берди. Ошондо бүт эл бир ооздон: «Теңир эмнени айтса, ошону аткарабыз», – деди.

4 Муса Теңирдин бардык сөздөрүн жазып алды. Эртеси эртең менен эрте туруп, тоонун түбүнө курмандык чалынуучу жай куруп, Ысрайылдын он эки уруусу үчүн он эки таш тизди.

5 Анан ал Ысрайыл уулдарынан уландарды жөнөттү. Алар Теңирге арнап бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктарды чалышты жана тынчтык курмандыгына букачарларды союшту.

6 Муса кандын жарымын чараларга куюп, жарымын курмандык чалынуучу жайга чачты.

7 Анан келишим жазылган китепти алып, элге угуза окуп берди. Ошондо эл: «Теңир эмнени айтса, ошонун бардыгын аткарабыз, тил алабыз», – деди.

8 Муса элге кан чачып, мындай деди: «Бул кан – ушул сөздөрдүн негизинде Теңирдин силер менен түзгөн келишимин беките турган кан».

9 Андан кийин Муса менен Арун, Надап менен Абыйут жана Ысрайылдын жетимиш аксакалы тоонун башына чыгышты.

10 Ошондо алар Ысрайылдын Кудайын көрүштү. Анын бутунун астында таза сапфирден жасалгандай болгон, ачык асман түстүү нерсе жаткан эле.

11 Ал Ысрайылдын тандалган уулдарын өлтүргөн жок. Алар Кудайды көрүштү, ичип-жешти.

**Муса Синай тоосунда**

12 Ошондо Теңир Мусага мындай деди: «Тоого чыгып, Мага кел да, ошол жерде бол. Аларды үйрөтүш үчүн, Мен сага таш лоокторду жана Өзүм жазган мыйзам менен осуяттарды берем».

13 Муса жана анын кызматчысы Жашыя ордунан турушту. Муса Кудайдын тоосуна жөнөдү.

14 Аксакалдарга: «Биз кайрылып келгиче, ушул жерде болгула. Арун менен Хур силер менен болот. Кимдин жумушу болсо, ошолорго келсин», – деди.

15 Муса тоого чыгары менен тоону булут каптады.

16 Теңирдин даңкы Синай тоосун чулгады. Булут тоону алты күн каптап турду, ал эми жетинчи күнү Теңир булуттун арасынан Мусаны чакырды.

17 Тоонун башындагы Теңирдин даңкы Ысрайыл уулдарынын көзүнө бардыгын жалмап салуучу оттой болуп көрүндү.

18 Муса булуттун ичине кирип, тоонун башына чыкты. Муса ал тоодо кырк күн, кырк түн болду.

**25-БӨЛҮМ**

**Жыйын чатыры үчүн алып келине турган тартуулар жөнүндө**

1 Теңир Мусага мындай деди:

2 «Ысрайыл уулдарына айт, алар Мага курмандыктарын алып келишсин. Ар бир адамдын чын жүрөктөн берген курмандыгын Мага алып келгиле.

3 Силер алардан ала турган тартуулар булар: алтын, күмүш жана жез,

4 ачык көк, ачык кызыл, кочкул кызыл түстөгү жүндөр, зыгыр буласы, эчкинин тыбыты,

5 кызылга боёлгон кой терилери, деңиз жаныбарынын терилери, акация жыгачы,

6 чырактан үчүн зайтун майы, майлоочу май үчүн жана түтөтүү үчүн жыпар жыттуу заттар,

7 ыйык кызмат кылуучунун эфодуна, төш чөнтөгүнө салынуучу оникс ташы жана башка асыл таштар.

8 Мага арнап ыйык жай курушсун, Мен алардын арасында жашайм.

9 Жыйын чатырын, анын бардык идиштерин Мен сага көрсөтүп жаткан үлгү боюнча жасагыла.

**Келишим сандыгы жөнүндө**

10 Акация жыгачынан таш лооктор салынуучу келишим сандыгын жасагыла. Анын узундугу эки жарым чыканак, туурасы бир жарым чыканак, бийиктиги бир жарым чыканак болсун.

11 Анын ичи-тышын таза алтын менен капта, үстүнө таажыныкындай кылып, алтын ачакейди айландыра жасап чык.

12 Ал сандык үчүн алтындан төрт шакекче куюп, аларды ылдыйкы төрт бурчуна бекит: эки шакекти бир жагына, эки шакекти экинчи жагына бекит.

13 Акация жыгачынан эки шыргый жасап, аларды алтын менен капта.

14 Ал шыргыйларды сандыктын эки жагындагы шакекчелерге киргизип кой, сандыкты ошол шыргыйлар менен көтөрүп жүрүшсүн.

15 Сандыктын шакекчелерине шыргыйлар киргизилип турсун жана андан чыгарылбасын.

16 Мен сага бере турган келишим жазуусун келишим сандыгына салып кой.

17 Капкагын да таза алтындан жаса. Анын узундугу эки жарым чыканак, туурасы бир жарым чыканак болсун.

18 Алтындан эки керуп чегип жасап, аларды сандыктын капкагынын эки четине орнот.

19 Бир керупту бир четине, экинчи керупту экинчи четине орнот, алар капкактын эки четинен чыгып турсун.

20 Ал керуптардын канаттары капкакты жаап тургудай болуп, жогору жайылып турсун. Алар маңдай-тескей туруп, жүздөрү капкакты карап турсун.

21 Капкакты келишим сандыгынын үстүнө кой. Мен сага бере турган келишим жазуусун келишим сандыгына салып кой.

22 Ошол жерде Мен сага ачылып берип турам, мыйзам салынган сандыктын капкагынын үстүндө турган эки керуптун ортосунан Мен Ысрайыл уулдарына сен аркылуу эмнени осуяттай турган болсом, ошолордун баарын сага айтып, сени менен сүйлөшүп турам.

**Нан тартуусу коюла турган үстөл жөнүндө**

23 Анан акация жыгачынан үстөл жаса, анын узундугу эки чыканак, туурасы бир чыканак, ал эми бийиктиги бир жарым чыканак болсун.

24 Аны таза алтын менен капта, үстүнө таажыныкындай кылып, алтын ачакейди айландыра жасап чык.

25 Анын капталдарына алакандын эниндей жээк чыгарып, таажыныкындай кылып, алтын ачакейди айландыра жасап чык.

26 Ал үстөл үчүн алтындан төрт шакекче жасап, аларды үстөлдүн төрт бурчундагы төрт бутуна бекит.

27 Үстөлдү көтөрүп жүрүү үчүн, анын капталдарында шыргый кийгизиле турган шакекчелер болсун.

28 Ал шыргыйларды акация жыгачынан жасап, аларды алтын менен капта, үстөлдү ошол шыргыйлар менен көтөрүп жүрүшсүн.

29 Ал үстөл үчүн табактарды, жыпар жыттуу зат түтөтүлүүчү идиштерди, кумгандарды жана чөйчөктөрдү жаса. Алардын баарын таза алтындан жаса.

30 Дайыма Менин алдымда болушу үчүн, ал үстөлгө нан тартууларын коюп тур.

**Чырактан жөнүндө**

31 Анан таза алтындан чырактан жаса. Ал чырактан чегилип жасалсын. Анын өзөгү, бутактары, чөйчөкчөлөрү – мөмөчөлөрү менен гүлдөрү өзүнөн чыксын.

32 Анын эки капталынан алты бутак чыгып турсун: бир капталынан үч бутак, экинчи капталынан үч бутак.

33 Бир бутакта бадам гүлүнө окшош үч чөйчөкчө мөмөчөсү жана гүлдөрү менен, экинчи бутакта бадам гүлүнө окшош үч чөйчөкчө мөмөчөсү жана гүлдөрү менен болсун. Чырактандан чыгып турган алты бутактын баары ошондой болсун.

34 Ал эми чырактандын өзөгүндө бадам гүлүнө окшогон төрт чөйчөкчө мөмөчөлөрү жана гүлдөрү менен болсун.

35 Өзөктөн чыгып турган алты бутактын экөөнүн астында да, экинчи экөөнүн астында да, үчүнчү эки бутактын астында да мөмөчө болсун.

36 Мөмөчөлөрү менен бутактары анын өзүнөн чыгып турсун. Ал бүт бойдон таза алтындан чегилип жасалсын.

37 Ага жети чырак жаса, алды жагына жарык бере тургандай кылып, аларды чырактандын үстүнө орнот.

38 Анын кычкачтары менен чырак өчүргүчтөрүн таза алтындан жаса.

39 Чырактанды жана ага тиешелүү нерселердин баарын бир талант таза алтындан жаса.

40 Байкагын, аларды Мен сага тоодо көрсөткөн үлгү боюнча жаса.

**26-БӨЛҮМ**

**Жыйын чатыры жөнүндө**

1 Жыйын чатырын болсо чыйратылган зыгыр буласынан, ачык көк, ачык кызыл, кочкул кызыл түстөгү жүндөрдөн токулган он жабуу менен жап. Жабууларга чеберчилик менен керуптарды түшүр.

2 Ар бир жабуунун узундугу жыйырма сегиз чыканак, туурасы төрт чыканак болсун. Бардык жабуулардын өлчөмү бирдей болсун.

3 Беш жабуу бири-бирине, калган беш жабуу бири-бирине бириктирилсин.

4 Биринчи беш жабуунун экинчи беш жабуу менен бириге турган четине ачык көк жиптен илмек жаса. Ошондой эле экинчи беш жабуунун биринчи беш жабуу менен бириге турган четине ачык көк жиптен илмек жаса.

5 Биринчи беш жабуунун акыркы жабуусунун четине элүү илмек жана экинчи беш жабуунун биринчи беш жабуу менен бириге турган жабуусунун четине элүү илмек жаса. Илмектер бири-бирине дал келиши керек.

6 Алтындан элүү илгич жасап, жабууларды илгичтер менен бири-бирине бириктир, ошондо бир бүтүн чатыр болуп калат.

7 Эчкинин тыбытынан жыйын чатырынын үстүн жаба турган жабууларды току. Ошондой жабуудан он бирди жаса.

8 Бир жабуунун узундугу отуз чыканак, туурасы төрт чыканак болсун. Он бир жабуунун өлчөмү бирдей болсун.

9 Беш жабууну өзүнчө, алты жабууну өзүнчө бириктир. Алтынчы жабууну жыйын чатырынын алды жагынан каттап бүктөп кой.

10 Беш жабуунун акыркы жабуусунун четине жана алты жабуунун акыркы жабуусунун четине бири-бирине бириктирүү үчүн элүү илмек жаса.

11 Анан жезден элүү илгич жасап, аларды илмектерге киргизип, бир жабуу болгудай кылып, бардык жабууларды бириктир.

12 Ал эми жыйын чатырынын акыркы жабуусунун жартысы жыйын чатырынын арт жагынан ашып турсун.

13 Ал эми жабуулар жыйын чатырынын эки капталын жаап, астынкы жабуулардын бир жагынан бир чыканак, экинчи жагынан бир чыканак ашып турсун.

14 Жыйын чатырынын үстүн жабуу үчүн, кызылга боёлгон кой терисинен жабуу жаса, анын үстүнөн жабуу үчүн, деңиз жаныбарынын терисинен жабуу жаса.

15 Жыйын чатырын тургузуу үчүн, акация жыгачынан төрт кырдуу устундарды жаса.

16 Устундардын узундугу он чыканак, туурасы бир жарым чыканак болсун.

17 Ар бир устундун бири-бирине тушташ экиден шакекчеси болсун. Жыйын чатырынын бүт устундарында ошондой болсун.

18 Жыйын чатырынын устундарын ушундай жаса: түштүк жагына жыйырма устун жаса.

19 Ал жыйырма устундун астына күмүштөн кырк таканыч жаса. Ар бир устундун астындагы ашталуучу эки тээкке экиден таканыч болсун.

20 Жыйын чатырынын түндүк жагына да жыйырма устун жаса.

21 Алар үчүн да кырк күмүш таканыч жаса. Ар бир устундун астындагы ашталуучу эки тээкке экиден таканыч болсун.

22 Жыйын чатырынын арт жагына, батыш жакка алты устун орнот.

23 Жыйын чатырынын арт жагындагы эки бурчуна эки устун орнот.

24 Алар ылдый жагынан бекитилип, өйдө жагынан бир шакекке бекитилсин: экөө тең ушундай болсун. Алар жыйын чатырынын эки бурчу үчүн бекитилсин.

25 Ошондо сегиз устун болот, алар үчүн он алты күмүш таканыч болот. Ар бир устундун астында экиден таканыч болот.

26 Акация жыгачынан шыргый сомдо: жыйын чатырынын бир жагындагы устундар үчүн беш шыргый,

27 жыйын чатырынын экинчи жагындагы устундар үчүн беш шыргый, арт жагындагы, батыш жагындагы устундар үчүн беш шыргый.

28 Ички шыргый болсо бир башынан экинчи башына чейин устундардын ортосунан өтөт.

29 Устундарды алтын менен капта, шыргый кийгизиле турган шакектерин да алтындан жаса, шыргыйларды да алтын менен капта.

30 Ошентип, жыйын чатырын Мен сага тоодо көрсөткөн үлгү боюнча тургуз.

31 Ачык көк, ачык кызыл, кочкул кызыл түстөгү жүндөрдөн, чыйратылган зыгыр буласынан көшөгө жаса. Ага чеберчилик менен керуптар түшүрүлсүн.

32 Ал көшөгөнү күмүштөн жасалган төрт таканычтын үстүндө турган, акация жыгачынан жасалган, алтын менен капталган, алтын илгичтүү төрт мамыга илип кой.

33 Көшөгөнү илгичтерге илип, ичине келишим сандыгын алып кир. Ал көшөгө ыйык жайды ыйыктын ыйыгынан бөлүп турат.

34 Ыйыктын ыйыгындагы келишим сандыгына капкак жап.

35 Көшөгөнүн сыртына үстөл кой, чырактанды үстөлдүн каршысына, жыйын чатырынын түштүк жагына кой. Үстөлдү болсо түндүк жагына кой.

36 Анан жыйын чатырынын эшигине ачык көк, кочкул кызыл жана ачык кызыл түстөгү жүндөн, чыйратылган зыгыр буласынан саймалуу көшөгө жаса.

37 Ал көшөгө үчүн акация жыгачынан беш мамы орнотуп, аларды алтын менен капта. Көшөгөнүн илгичтери алтындан болсун, беш мамынын беш таканычын жезден куй.

## 27-БӨЛҮМ

### Курмандык чалынуучу жай жөнүндө

1 Акация жыгачынан узундугу беш чыканак, туурасы беш чыканак, бийиктиги үч чыканак болгон төрт бурчтуу курмандык чалынуучу жай жаса.

2 Анын төрт бурчундагы төрт мүйүздү да өзүнөн чыгар, аны жез менен капта.

3 Күл сала турган идиштерди, калактарды, чараларды, айрыларды жана чок салгычтарды жаса. Ага тиешелүү нерселердин бардыгын жезден жаса.

4 Жезден арчындап тор жаса, анын төрт бурчуна жезден төрт шакек жаса.

5 Ал тор курмандык чалынуучу жайдын ичиндеги тегерете чыгып турган кырдын астына коюлуп, курмандык чалынуучу жайдын жарымын түзүп турсун.

6 Курмандык чалынуучу жайга акация жыгачынан шыргыйларды жаса. Аларды да жез менен капта.

7 Шыргыйларды шакектерге киргизип кой, курмандык чалынуучу жайды көтөрүп жүрүү үчүн, алар анын эки жагында болсун.

8 Курмандык чалынуучу жайды тактайдан ичин бош кылып жаса. Аны Мен сага тоодо көрсөткөндөй кылып жасашсын.

### Жыйын чатырынын короосу

9 Жыйын чатырынын короосун мындай жаса: короонун түштүк тарабына чыйратылган зыгыр буласынан жабууларды жаса, узундугу жүз чыканак болсун.

10 Ал жабуулар үчүн жыйырма мамы, алардын астына жезден жыйырма таканыч жаса. Мамылардын илгичтери жана мамыларды бириктирген шырыктар күмүштөн жасалсын.

11 Короонун түндүк тарабындагы жабуулардын узундугу жүз чыканак болсун. Алар үчүн да жыйырма мамы, алардын астына жезден жыйырма таканыч жаса. Мамылардын илгичтери жана мамыларды бириктирген шырыктар күмүштөн жасалсын.

12 Короонун батыш тарабындагы, туурасындагы жабуулары элүү чыканак болсун. Алар үчүн он мамы, алардын астына он таканыч жаса.

13 Короонун чыгыш тарабындагы, туурасындагы алдыңкы жабуулары элүү чыканак болсун.

14 Короонун бир тарабындагы жабуулар он беш чыканак болсун. Алар үчүн үч мамы, алардын астына үч таканыч жаса.

15 Короонун экинчи тарабындагы жабуулар он беш чыканак болсун. Алар үчүн үч мамы, алардын астына үч таканыч жаса.

16 Ал эми короонун эшиги үчүн жасала турган көшөгө жыйырма чыканак болсун. Ал ачык көк, ачык кызыл, кочкул кызыл түстөгү ийрилген жүндөн, чыйратылган зыгыр буласынан саймаланып жасалсын. Ал үчүн төрт мамы, анын астына төрт таканыч жаса.

17 Короону айланта курчаган бардык мамылар күмүш шырыктар менен бириктирилсин. Алардын илгичтери күмүштөн, ал эми таканычтары жезден жасалсын.

18 Короонун узундугу жүз чыканак, туурасы элүү чыканак, бийиктиги беш чыканак болсун. Жабуулары чыйратылган зыгыр буласынан, ал эми мамылардын таканычтары жезден болсун.

19 Жыйын чатырынын ар кандай жумуштарында колдонула турган нерселердин баары жана жыйын чатырынын, короонун бардык казыктары жезден жасалсын.

**Чырактан жөнүндө мыйзам**

20 Анан Ысрайыл уулдарына буйрук бер, чырактан дайыма күйүп турушу үчүн, алар сага таза зайтун майынан алып келип турушсун.

21 Арун жана анын уулдары жыйын чатырындагы келишим сандыгы турган көшөгөнүн сыртында, Теңирдин алдында кеч киргенден таң атканга чейин ал май менен чырактанды күйгүзүп турушат. Бул мыйзам Ысрайыл уулдарынан алардын укум-тукумуна түбөлүккө калсын.

**28-БӨЛҮМ**

**Башкы ыйык кызмат кылуучу Арундун кийими жөнүндө**

1 Ысрайыл уулдарынын ичинен Мага ыйык кызмат кылышы үчүн, бир тууганың Арунду жаныңа ал. Арунду жана анын уулдары: Надапты, Абыйутту, Элазарды жана Итамарды ал.

2 Бир тууганың Арунга ызат көрсөтүлүшү үчүн жана ага жарашыктуу болушу үчүн, ыйык кийим даярда.

3 Мен акылмандык рухуна толтурган даанышман адамдардын бардыгына айт. Арун Мага ыйык кызмат кылганда кие турган кийимди алар даярдап беришсин.

4 Алар даярдай турган кийимдер булар: төш чөнтөк, эфод, сырткы чапан, узун көйнөк, кидар жана бел курчоо. Алар бир тууганың Арунга жана анын уулдарына Мага ыйык кызмат кылганда кие турган ыйык кийим даярдап беришсин.

5 Алар алтындан, ачык көк, ачык кызыл, кочкул кызыл түстөгү жүндөн жана зыгыр буласынан алып,

6 алтындан, ачык көк, ачык кызыл, кочкул кызыл түстөгү жүндөн, чыйратылган зыгыр буласынан чеберчилик менен эфод токушсун.

7 Ийининде эфоддун эки учун бириктире турган чени болсун.

8 Эфоддун сыртынан байлана турган бел курчоо эфод токулгандай эле, алтындан, ачык көк, ачык кызыл, кочкул кызыл түстөгү жүндөн жана чыйратылган зыгыр буласынан токулсун.

9 Оникс ташынан экини алып, алардын бетине Ысрайыл уулдарынын аттарын чегип жаз.

10 Алардын жашына жараша, алтоонун атын бир ташка, калган алтоонун атын экинчи ташка чегип жаз.

11 Таш чеккичтер ташты чеккендей, мөөрдү чегип жасагандай, Ысрайыл уулдарынын аттарын эки ташка чегип жаз, аларды алтын оюктарга сал.

12 Ошол эки ташты эфоддун чендерине сал, ал таштар Ысрайыл уулдарын Теңир эсине алышы үчүн салынсын. Алардын аттарын Теңир эсине алышы үчүн, аларды Арун эки ийининде алып жүрсүн.

13 Алтындан оюк жаса.

14 Таза алтындан эки чынжырча жаса, аларды өрүп жаса, өрүлгөн чынжырчаларды оюктарга бекит.

**Төш чөнтөк жөнүндө**

15 Кудайдын өкүмүн билдирип турган төш чөнтөктү чеберчилик менен току. Эфодду токугандай эле, аны алтындан, ачык көк, ачык кызыл, кочкул кызыл түстөгү жүндөн жана чыйратылган зыгыр буласынан току.

16 Ал төрт бурчтуу, эки кат, узуну бир карыш, туурасы бир карыш болсун.

17 Ага оюкка жаткырылган асыл таштарды төрт катар кылып сал, алар катары менен жатсын. Биринчи катарында лаал, топаз, зымырыт,

18 экинчи катарында карбункул, сапфир, алмаз,

19 үчүнчү катарында жакут, агат жана аметист,

20 төртүнчү катарында хризолит, оникс, яспис жатсын. Алар алтын оюктарга салынсын.

21 Ал таштардын саны Ысрайыл уулдарынын санына жараша, аттарына жараша он эки болсун. Мөөрдүн бетине чеккендей, ар бир таштын бетине он эки уруунун аты бирден чегилип жазылсын.

22 Төш чөнтөк үчүн таза алтындан өрүлгөн чынжырчаларды жаса.

23 Алтындан эки шакекче жасап, аларды төш чөнтөктүн эки учуна бекит.

24 Өрүлгөн алтын чынжырчаларды төш чөнтөктүн эки учундагы шакекчелерге өткөз.

25 Ал эми эки чынжырчанын экинчи учтарын эки оюкка, эфоддун ченинин сырткы бетине байла.

26 Дагы эки алтын шакекче жасап, аларды төш чөнтөктүн башка эки учуна, төш чөнтөктүн ички бетине бекит.

27 Алтындан дагы эки шакекче жасап, эфоддун сыртына, эки чендин ылдый жагындагы эфоддун алды-арты бириккен жерине, бел курчоонун үстүнө бекит.

28 Төш чөнтөктүн шакекчелери менен эфоддун шакекчелерин ачык көк жүндөн чыйратылган боо менен байла, төш чөнтөктү эфоддон түшпөгүдөй кылып, бел курчоонун үстүнө байла.

29 Ысрайыл уулдарынын аттарын Теңир дайыма эсине алышы үчүн, Арун ыйык жайга киргенде, Ысрайыл уулдарынын аттары жазылган төш чөнтөктү өз жүрөгүнүн тушунда алып жүрсүн.

30 Кудайдын өкүмүн билдирип турган төш чөнтөккө урим менен тумимди салып кой. Арун Теңирдин алдына барганда, алар анын жүрөк тушунда болот. Ысрайыл уулдарына чыгарылган өкүмдү Арун ар дайым өз жүрөгүнүн тушунда Теңирдин алдында алып жүрөт.

**Ыйык кызмат кылууда кийилүүчү кийим жөнүндө**

31 Эфоддун ичинен кие турган сырткы чапан ачык көк жүндөн токулсун.

32 Чапанга туюк жака чыгарылсын, ал айрылбашы үчүн, сооттуку сыяктуу кездеме менен кыюулансын.

33 Ачык көк, жакут, ачык кызыл, кочкул кызыл түстөгү жиптерден анын этегине тегерете чок жасап, чоктордун араларына алтын жылаажындарды тагып кой.

34 Алтын жылаажындар менен чоктор чапандын этегине алмак-салмак, кыдырата тагылсын.

35 Арун ал чапанды Теңирге ийбадат кылып жатканда кийсин. Ал Теңирдин алдына, ыйык жайга кирип-чыкканда өлүп калбаш үчүн, жылаажындардын шыңгыраганы угулуп турсун.

36 Таза алтынды жылмалап, тактайча жасап, мөөрдүн бетине чеккендей, анын бетине “Теңирге арналган” деп чегип жаз.

37 Аны ачык көк жип менен кидарга байла, ал кидардын алды жагында болсун.

38 Ал Арундун чекесинде дайыма байланып турсун. Ысрайыл уулдарынын Теңирге арнап алып келген курмандыктарынын жана тартууларынын кемчиликтерин ал өз мойнуна көтөрөт. Теңир алардын курмандыктарын кабыл алышы үчүн, ал ар дайым анын чекесинде болсун.

39 Зыгыр буласынан узун көйнөк току, ошондой эле зыгыр буласынан кидар жана саймалуу бел курчоо жаса.

40 Ызат көрсөтүлүшү үчүн жана аларга жарашыктуу болушу үчүн, Арундун уулдарына да узун көйнөк, бел курчоо, ыйык баш кийим даярда.

41 Аларды бир тууганың Арунга жана анын уулдарына кийгизип, аларды майлап, аларга укук берип, ыйык кызмат кылуучулукка арна, ошондо алар Мага ыйык кызмат кылышат.

42 Аларга зыгыр буласынан белинен тизесине чейин жеткен, жылаңач этин жаба турган ич кийим току.

43 Ал кийимдерди Арун жана анын уулдары жыйын чатырына киререрде же ыйык жайда ийбадат кылуу үчүн, курмандык чалынуучу жайга жакын келерде, күнөөлүү болуп өлүп калбаш үчүн кийип жүрүшсүн. Бул мыйзам ага жана анын укум-тукумуна түбөлүккө калсын.

**29-БӨЛҮМ**

**Ыйык кызмат кылуучулардын кызматка дайындалышы**

1 Менин ыйык кызмат кылуучуларым болушу үчүн, аларды ыйыктоодо мындай кылышың керек: бир букачар, кемчилиги жок эки кочкор,

2 ошондой эле буудай унунан жасалган ачыткысыз нан, зайтун майы кошулган ачыткысыз нан, үстүнө зайтун майы сыйпалган ачыткысыз токоч алып,

3 аларды бир себетке салып, себети менен алып кел, алар менен кошо букачарды, эки кочкорду ала кел.

4 Арунду уулдары менен жыйын чатырынын эшигинин алдына алып келип, сууга жуунт.

5 Кийимдерди алып, Арунга узун көйнөктү, сырткы чапанды, эфодду кийгизип, төш чөнтөктү тагып, эфоддун сыртынан бел курчоо менен курча.

6 Башына кидарды кийгизип, ага ыйык таажыны так.

7 Майлоочу майды алып, башына куюп, аны майла.

8 Анын уулдарын да алып келип, аларга узун көйнөк кийгиз.

9 Арунга, анын уулдарына бел курчоо курчап, баштарына баш кийим кийгиз, ошондо ыйык кызмат мыйзам боюнча түбөлүккө аларга таандык болот. Арунга жана анын уулдарына ыйык кызмат кылуучунун укугун бер.

10 Анан жыйын чатырынын алдына букачарды алып кел. Арун менен анын уулдары букачардын башына колдорун коюшсун.

11 Букачарды Теңирдин алдында, жыйын чатырынын эшигинин алдында сой.

12 Букачардын канынан алып, сөөмөйүң менен курмандык чалынуучу жайдын мүйүздөрүнө сыйпа, калган канды курмандык чалынуучу жайдын түбүнө төк.

13 Букачардын бүт ич майын, боор майын, эки бөйрөгүн жана бөйрөк майын алып, курмандык чалынуучу жайда өрттө.

14 Ал эми этин, терисин жана кан-жинин стандын сыртында өрттө. Бул – күнөө үчүн чалынган курмандык.

15 Анан бир кочкорду жетелеп кел. Арун менен анын уулдары анын башына колдорун коюшсун.

16 Ал кочкорду мууздап, канынан алып, курмандык чалынуучу жайга тегерете чач.

17 Кочкордун этин жиликтеп бөлүп, ичеги-карыны менен шыйрактарын жууп, аларды жиликтердин жана баштын үстүнө кой.

18 Анан кочкорду бүт бойдон курмандык чалынуучу жайда өрттө. Бул – Теңирге арнап бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык, жыты Теңирге жаккан курмандык.

19 Экинчи кочкорду да жетелеп кел, анын башына да Арун менен уулдары колдорун коюшсун.

20 Анан кочкорду союп, канынан алып, Арундун оң кулагынын көнчөгүнө жана уулдарынын оң кулактарынын көнчөгүнө, алардын оң колдорунун бармагына жана оң буттарынын бармагына сыйпа, кандан алып, курмандык чалынуучу жайга тегерете чач.

21 Курмандык чалынуучу жайдагы кандан жана майлоочу майдан алып, Арунга, анын кийимдерине, уулдарына, алардын кийимдерине чач. Ошондо анын өзү да, кийимдери да, анын уулдары да, алардын кийимдери да ыйыкталат.

22 Кочкордун майы менен куйрук майын, ич майын, боор майын, эки бөйрөгүн, бөйрөк майын, оң санын ал.

23 Теңирдин алдындагы себеттен бир тоголок нан, зайтун майы кошулган бир токоч, ачыткысыз бир нан ал.

24 Алардын баарын Арун менен уулдарынын колуна бер, алар аны Теңирдин алдында силкилдетишсин.

25 Анан аны алардын колдорунан алып, бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык менен кошо курмандык чалынуучу жайда өрттө. Бул – жыты Теңирге жаккан курмандык.

26 Арунду ыйык кызматка дайындоо расмисине арналган кочкордун төш этин Теңирдин алдында силкилдет. Бул сенин энчиң болот.

27 Ошол кочкордун Арунга жана анын уулдарына тиешелүү бөлүгүн: силкилдетилген төшү менен өйдө көтөрүлгөн сан этин ыйыкта.

28 Булар – Арун менен анын уулдарына ар дайым Ысрайыл уулдары алып келген курмандыктардан бериле турган бөлүк, анткени бул – алардын Теңирдин алдында өйдө көтөргөн курмандыгы. Ысрайыл уулдарынын тынчтык курмандыктары Теңирге арналуучу курмандыктар болуп эсептелет.

29 Ал эми Арундун ыйык кийимдери, көзү өткөндөн кийин, уулдарына өтөт. Ошондо алар ыйык кызмат кылуучулукка майланып, кызматка дайындала алат.

30 Анын ордун баса турган, ыйык жайда кызмат кылуу үчүн жыйын чатырына кире турган, анын уулдарынан чыккан ыйык кызмат кылуучу ал кийимдерди жети күн кийип жүрүшү керек.

31 Арналган кочкорду алып, этин ыйык жерде бышыр.

32 Ошол кочкордун этин Арун жана анын уулдары себеттеги нандар менен кошо жыйын чатырынын эшигинин алдында жешсин.

33 Анткени бул курмандыктар – ыйык кызматка дайындап жатканда, аларды ыйыктоого арналган курмандыктар. Аларды башка адам жебеши керек, анткени алар ыйык.

34 Эгерде ыйык кызматка дайындоого арналган эт менен нандан эртең мененкиге калып калса, анда аларды өрттөп жибер. Аларды жегенге болбойт, анткени алар ыйык.

35 Арунга жана анын уулдарына Мен сага буйругандай кыл. Аларды ыйык кызматка дайындоо расмисин жети күн өткөр.

36 Күнөөдөн тазалоо үчүн, күн сайын бирден букачар алып келип, курмандык чалынуучу жайда чал, аны ыйыктоо үчүн, майлоочу май менен майла.

37 Жети күн курмандык чалынуучу жайды тазала, аны ыйыкта, ошондо курмандык чалынуучу жай эң ыйык жай болот. Ага тийгендин баары ыйык болуп калат.

**Күн сайын чалынуучу курмандыктар жөнүндө**

38 Курмандык чалынуучу жайда сен күн сайын бир жылдык эки козуну курмандыкка чаласың.

39 Бир козуну эртең менен, бир козуну кечинде чал.

40 Бир козу менен кошо гиндин төрттөн бир бөлүгүнчөлүк сыгылган зайтун майы кошулган эйфанын ондон бир бөлүгүнчөлүк буудай унун, ал эми үстүнө куюу үчүн, гиндин төрттөн бир бөлүгүнчөлүк шарап алып кел.

41 Экинчи козуну курмандыкка кечинде алып кел. Эртең мененкидей эле уну менен болсун, жагымдуу жыт болушу үчүн, куюлуучу курмандыгы менен болсун.

42 Бул – Теңирдин алдында, жыйын чатырынын эшигинин алдында силердин укум-тукумуңар дайыма өрттөй турган бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык. Сени менен сүйлөшүү үчүн, Мен силерге ошол жерде ачылам.

43 Ошол жерде Мен Ысрайыл уулдарына ачылам, ошол жер Менин даңкым менен ыйыкталат.

44 Жыйын чатырын жана курмандык чалынуучу жайды ыйыктайм. Мага ыйык кызмат кылышы үчүн, Арунду жана анын уулдарын ыйыктайм.

45 Ысрайыл уулдарынын арасында жашап, алардын Кудайы болом.

46 Ошондо алар Менин өздөрүнүн Кудай-Теңири экенимди билишет. Алардын арасында болуу үчүн, Мен аларды Мисир жеринен алып чыккам. Мен алардын Кудай-Теңиримин.

## 30-БӨЛҮМ

**Жыпар жыттуу зат түтөтүлүүчү жай жөнүндө**

1 Жыпар жыттуу зат түтөтүлүүчү жай жаса, ал акация жыгачынан жасалсын.

2 Ал төрт бурчтуу болсун: узундугу бир чыканак, туурасы бир чыканак, бийиктиги эки чыканак. Анын төрт бурчунан мүйүздөр чыгарылсын.

3 Анын үстүн, капталдарын, мүйүздөрүн таза алтын менен каптап, таажыныкындай кылып, алтын ачакейди айландыра жаса.

4 Алтын ачакейдин астына, эки бурчуна алтындан эки шакек жаса. Алар анын эки тарабында болсун. Көтөрүп жүрүү үчүн, алар шыргыйлар киргизиле турган шакектер болот.

5 Шыргыйларды акация жыгачынан жасап, алтын менен капта.

6 Аны Мен сага ачылып бере турган келишим сандыгынын алдындагы көшөгөнүн жанына, сандыктын үстүндөгү капкактын тушуна кой.

7 Арун анын үстүндө жыпар жыттуу заттарды түтөтөт. Күн сайын эртең менен чырактандарды даярдаганда, ал жыпар жыттуу заттарды түтөтөт.

8 Арун кечинде чырактарды күйгүзгөндө да, анын үстүндө жыпар жыттуу заттарды түтөтөт. Теңирдин алдындагы бул жыпар жыттуу зат түтөтүлүүчү жай силердин укум-тукумуңарга түбөлүк калсын.

9 Анын үстүндө башка нерсе түтөтпөгүлө. Анын үстүндө бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты да, нан курмандыгын да өрттөбөгүлө, ага куюлуучу курмандыкты куйбагыла.

10 Арун жылына бир жолу анын мүйүздөрүнүн үстүндө тазалоо расмисин кылат. Ал аны күнөөдөн тазалоочу курмандыктын каны менен жылына бир жолу тазалап турат. Бул – Теңир үчүн ыйык нерсе. Тазалоо расмиси силердин укум-тукумуңарга түбөлүккө калсын».

**Жыйын чатырына арналган тартуулар жөнүндө**

11 Теңир Мусага мындай деди:

12 «Ысрайыл уулдарынын санын билиш үчүн санап жатканыңда, алардын ар бири өз жанын куткарып алуу үчүн, Теңирге кун төлөсүн, ошондо алар кыргынга учурашпайт.

13 Эсепке кирген ар бир адам ыйык делип эсептелген шекелдин жарымын берсин, бир шекел жыйырма герге барабар. Жарым шекел – Теңирге арналган курмандык.

14 Эсепке кире турган жыйырма жана андан жогорку жаштагы ар бир адам Теңирге курмандык берүүгө милдеттүү.

15 Өз жанын куткарып калуу үчүн Теңирге берген курмандык жарым шекел болуш керек. Байдыкы ашып кетпесин, жардыныкы кем болбосун.

16 Ысрайыл уулдарынан өздөрүнүн жаны үчүн берген күмүшүн алып, аны жыйын чатырынын керегине жумша. Бул Ысрайыл уулдары үчүн, Теңир эсине алышы үчүн, силердин жаныңарды куткарып калуу үчүн болсун».

**Жуунуу жөнүндө**

17 Теңир Мусага дагы мындай деди:

18 «Жуунуу үчүн жезден жуунгуч жаса, анын түбү да жез болсун. Аны жыйын чатыры менен курмандык чалынуучу жайдын ортосуна коюп, ичине суу куюп кой.

19 Арун жана анын уулдары ал жуунгучтан суу алып, колу-бутун жуушсун.

20 Алар жыйын чатырына кирер алдында, же болбосо кызмат кылыш үчүн курмандык чалынуучу жайга жакын келерде, Теңирге курмандык чаларда, өлүп калбаш үчүн, сууга жуунушсун.

21 Өлүп калбаш үчүн, алар колдорун, буттарын жуушсун. Бул мыйзам Арунга жана анын укум-тукумуна түбөлүккө калсын».

**Майлоочу майлар жөнүндө**

22 Теңир Мусага дагы мындай деди:

23 «Ыйык шекел менен эсептеп, эң жакшы жыттуу заттардан: суюк миррадан беш жүз, жыпар жыттуу жыгачтын кабыгынан эки жүз элүү, жыпар жыттуу камыштан эки жүз элүү,

24 касийден беш жүз шекел ал, зайтун майынан бир гин ал.

25 Ыйыктап майлоо үчүн, ушуларды чеберчилик менен аралаштырып, майлоочу май жаса. Бул – ыйыктап майлаш үчүн колдонулуучу май.

26 Анан аны менен жыйын чатырын, келишим сандыгын,

27 үстөлдү жана ага тиешелүү бардык нерселерди, чырактанды жана ага тиешелүү бардык нерселерди, жыпар жыттуу зат түтөтүлүүчү жайды,

28 курмандык бүтүндөй өрттөлүүчү жайды жана ага тиешелүү бардык нерселерди, жуунгучту жана анын түбүн майлап чык.

29 Аларды ыйыкта, ошондо алар эң ыйык болуп калат. Аларга тийгендердин баары ыйык болуп калышат.

30 Ал май менен Арунду да, анын уулдарын да майлап, Мага ыйык кызмат кылуучу кылып дайында.

31 Ал эми Ысрайыл уулдарына мындай деп айт: "Ыйык майлоо үчүн колдонулган бул май Мага таандык. Бул силердин укум-тукумуңарга калсын.

32 Аны менен башка адамдардын денесин майлабагыла, ага окшош май жасабагыла. Ал – ыйык май. Ал силер үчүн ыйык болсун.

33 Ким ошондой май жасаса же аны менен башка бирөөнү майласа, ал өз элинин арасынан жок кылынат"».

**Фимиам жөнүндө**

34 Анан Теңир Мусага дагы мындай деди: «Төмөндөгү жыпар жыттуу заттардан: стиракс, оних, халван жана таза ладандан бирдей өлчөмдө ал.

35 Чеберчилик менен алардан түтөтүлө турган ыйык аралашма жаса. Ал туз менен аралаштырылган, таза жана ыйык болсун.

36 Аны жанчып майдалап, Мен сага ачылып бере турган жыйын чатырындагы келишим сандыгынын алдына кой. Ал силер үчүн эң ыйык нерсе болот.

37 Өзүңөргө ушундай заттардан турган түтөтүлүүчү аралашма жасабагыла, ал сенин Теңирге арнаган ыйык нерсең болсун.

38 Түтөтүү үчүн ким ушундай аралашма жасаса, ал өз элинин арасынан жок кылынат».

**31-БӨЛҮМ**

**Усталар жөнүндө**

1 Теңир Мусага дагы мындай деди:

2 «Билип ал, Мен Жүйүт уруусундагы Хурдун уулу, Уринин уулу Бетселелдин так өзүн дайындадым.

3 Мен аны Кудайдын Рухуна толтурдум, ага даанышмандык, түшүнүк, билгичтик жана ар кандай өнөр бердим.

4 Мен ага алтындан, күмүштөн, жезден буюм жасаганды,

5 оюкка салынуучу таштарды кескенди, жыгач сомдогонду, бардык ишти жасай билүүнү үйрөттүм.

6 Мен ага Дан уруусундагы Акисамак уулу Алыйапты жардамчы кылып дайындадым. Ар бир акылдуу адамдын жүрөгүнө акылмандык салам, ошондо алар Мен сага буйругандын бардыгын жасашат.

7 Алар жыйын чатырын, келишим сандыгын жана анын капкагын, жыйын чатырына тиешелүү болгон бардык нерселерди,

8 үстөлдү жана ага тиешелүү болгон бардык нерселерди, таза алтындан чырактан жана ага тиешелүү болгон бардык нерселерди, ошондой эле жыпар жыттуу зат түтөтүлүүчү жайды,

9 курмандык бүтүндөй өрттөлүүчү жайды, ага тиешелүү болгон бардык нерселерди, жуунгучту жана анын түбүн,

10 кызматчылардын ыйык кызмат кыларда кие турган кийимдерин, ыйык кызмат кылуучу Арундун ыйык кийимдерин, анын уулдарынын ыйык кийимдерин даярдап,

11 ыйык жай үчүн майлоочу май жана түтөтүү үчүн жыпар жыттуу аралашма жасашсын. Алар мына ушулардын бардыгын Мен сага буйругандай жасашсын».

**Ишембини ыйык тутуу жөнүндө**

12 Теңир Мусага дагы мындай деди:

13 «Ысрайыл уулдарына мындай деп айт: “Менин ишемби күнүмдү ыйык туткула, анткени ал күн – силерди ыйык эл кылган Теңириңер Мен экенимди билип жүрүүңөр үчүн, Мени менен силердин жана укум-тукумуңардын ортосунда белги болгон күн.

14 Ишемби күндү ыйык туткула, анткени ал силер үчүн ыйык. Ким аны ыйык тутпаса, ал өлүм жазасына тартылсын. Ким ошол күнү жумуш кылса, ал өз элинин арасынан жок кылынсын”.

15 Алты күн иш кылышсын, ал эми жетинчи күн – Теңирге арналган эс алуучу ишемби күн. Ким ишемби күнү иш кылса, ал өлүм жазасына тартылсын.

16 Ысрайыл уулдары ишемби күндү ыйык тутсун, түбөлүк келишим катары алардын укум-тукуму ишемби күндү майрамдасын.

17 Бул – Мени менен Ысрайыл уулдарынын ортосундагы түбөлүк белги, анткени Теңир алты күндө асман менен жерди жараткан, ал эми жетинчи күнү тынч алып, эс алган».

18 Кудай Муса менен Синай тоосунда сүйлөшүп бүткөндөн кийин, ага мыйзам жазылган эки лоокту – Өз колу менен жазган таш лоокторду берди.

**32-БӨЛҮМ**

**Алтын музоо**

1 Ысрайыл эли Мусанын көптөн бери тоодон түшпөй жатканын көрүп, чогулуп келип, Арунга мындай деди: «Бизди Мисир жеринен алып чыккан Мусага эмне болгонун билбейбиз, ошондуктан сен бизге бизди баштап жүрө турган кудай жасап бер».

2 Ошондо Арун аларга: «Аялыңардын, уул-кыздарыңардын кулактарындагы алтын сыргаларды чыгарып, мага алып келгиле», – деди.

3 Бүт эл кулактарынан алтын сыргаларын чыгарып, Арунга алып келди.

4 Арун алардын колунан сыргаларды алып, алтындан музоо куюп, аны кескич менен иштеп чыкты. Ошондо алар: «Мына сенин кудайың, Ысрайыл! Сени Мисир жеринен алып чыккан кудайың ушул!» – дешти.

5 Арун муну көрүп, алтындан куюлган музоонун алдына курмандык чалынуучу жай жасап: «Эртең теңирге арналган майрам болот», – деп жарыялады.

6 Алар эртеси эртең менен эрте туруп, бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык менен тынчтык курмандыгын чалышты. Анан эл ичип-жегени отурду, көңүл ачканы турду.

7 Ошондо Теңир Мусага мындай деди: «Тезирээк тоодон түш, анткени Мисир жеринен алып чыккан элиң бузулду.

8 Алар тез эле Мен осуят кылган жолдон чыгып кетишти. Өздөрүнө алтындан музоо куюп алып, ага сыйынып, курмандык чалып: “Ысрайыл эли, сени Мисир жеринен алып чыккан кудайың мына ушул!” – деп жатат».

9 Анан Теңир Мусага: «Мен бул элди көрүп турам, бул эл – тоң моюн эл.

10 Ошондуктан Мени Өз жайыма кой, алар Менин каарыма калышсын. Аларды жок кылып, сенден көп сандаган эл чыгарам», – деди.

**Мусанын арачылык кылышы**

11 Бирок Муса өз Кудай-Теңирине мындай деп жалына баштады: «О Теңирим, Мисир жеринен кудуреттүү күчүң, кубаттуу колуң менен Өзүң алып чыккан Өз элиңдин үстүнө каарың от болуп жаабаса экен.

12 Мисирликтер: “Кудай аларды өлтүрүү үчүн тоого алып кеткен тура, аларды жер үстүнөн жок кылгысы келген тура”, – деп айтышпасын. Теңир, жалындаган каарыңды баса көр! Чечимиңди өзгөрт, Өз элиңди өлтүрө көрбө!

13 Өз кулдарың Ыбрайымга, Ыскакка жана Ысрайылга Өз ысымың менен берген антыңды эстей көр. Сен аларга: “Силердин тукумуңарды көктөгү жылдыздардай көбөйтөм, Өзүм убада кылган жерди силердин укум-тукумуңарга берем, алар аны түбөлүккө ээлешет”, – деп айтпадың беле».

14 Ошондо Теңир Өз элине төгө турган каарын кайт кылды.

15 Муса артка кайрылып, тоодон түшүп келди. Анын колунда эки бетинде тең мыйзам жазылган эки таш лоок бар эле.

16 Ал таш лоокторду Кудай Өзү жасаган эле, таш лоокторго жазылган жазууларды Кудай Өзү жазган эле.

17 Жашыя чуулдаган элдин үнүн угуп, Мусага: «Эмне, станда согуш болуп жатабы?» – деди.

18 Муса болсо: «Бул жеңгендердин кыйкырыгы эмес, жеңилгендердин боздогону да эмес. Мен ырдагандардын үнүн угуп жатам», – деди.

19 Муса станга жакындаганда, музоону жана бийлеп жаткандарды көрүп, каары кайнап, колундагы таш лоокторду ыргытып жиберди. Таш лоокторду ал тоонун этегинде талкалады.

20 Анан Муса алар жасаган музоону алып, отко өрттөп, күлдөй кылып майдалап, сууга чачып жиберди да, ал суудан Ысрайыл уулдарына ичирди.

21 Муса Арунга: «Бул элди ушундай чоң күнөөгө батыргыдай, бул эл сага эмне кылды?» – деди.

22 Арун мындай деп жооп берди: «Мырзамдын ачуусу келбесе экен, бул элдин моюн сунбас эл экенин өзүң билесиң.

23 Булар мага: “Бизди Мисир жеринен алып чыккан Мусага эмне болгонун билбейбиз, ошондуктан сен бизге бизди баштап жүрө турган кудай жасап бер”, – дешти.

24 Ошондо мен аларга: “Кимдин алтыны бар болсо, чыгарып бергиле”, – дедим. Алар чыгарып беришти. Мен аны отко салсам, ушул алтын музоо чыкты».

25 Муса бул элдин баш бербес эл экенин, Арундун алардын бузулушуна, душмандарына шылдың болушуна жол бергенин көрдү.

26 Муса стандын дарбазасынын жанына туруп: «Ким Теңирди ээрчигиси келсе, мага келсин!» – деди. Ошондо анын алдына Лебинин бүт уулдары чогулушту.

27 Муса аларга мындай деди: «Ысрайылдын Кудай-Теңири мындай дейт: “Ар бириңер кылычыңарды белиңерге байлап, станды аралап, чатырдан чатырга өтүп, бир туугандарыңарды, досторуңарды, жакындарыңарды өлтүргүлө”».

28 Леби уулдары Мусанын айтканындай кылышты. Ошол күнү элдин ичинен үч миңге жакын адам кырылды.

29 Ошондо Муса Леби уулдарына: «Бүгүн Теңирге колуңарды арнагыла, анткени ар бириңер өз уулдарыңарга, бир туугандарыңарга кол көтөрдүңөр. Ал бүгүн силерге батасын берсин», – деди.

30 Эртеси күнү Муса элге кайрылып: «Силер өтө чоң күнөө кылдыңар, ошондуктан мен тоого чыгып, Теңирге барам, балким, силердин күнөөңөр үчүн кечирим алып келермин», – деди.

31 Муса Теңирге кайра барып, мындай деди: «Бул эл өзүнө алтын кудай жасап, өтө чоң күнөө кылды.

32 Булардын күнөөсүн кечир. Эгерде кечирбей турган болсоң, анда мени да Өзүң жазган китебиңден чийип сал».

33 Ошондо Теңир Мусага мындай деди: «Менин алдымда ким күнөө кылса, ошону Өзүмдүн китебимден чийип салам.

34 Эми бара бер, бул элди Мен айткан жерге алып жөнө. Менин периштем сенин алдыңда барат. Күнөө үчүн жазалай турган күнүм келгенде, Мен аларды жазалайм».

35 Ошентип, Теңир элди Арун жасаган музоо үчүн кыргынга учуратты.

**33-БӨЛҮМ**

**Синайдан кетүү жөнүндө буйрук**

1 Теңир Мусага мындай деди: «Сен бул жерден Мисир жеринен алып чыккан элиң менен кошо Мен Ыбрайымга, Ыскакка жана Жакыпка "Сенин тукумуңа берем" деп убада кылган жерге жөнө.

2 Алдыңа периштемди жиберип, ал жерден канаандыктарды, аморлуктарды, хеттиктерди, периздиктерди, хибиликтерди, жебустуктарды кууп чыгам.

3 Ал силерди сүт менен бал аккан жерге алып барат. Силерди жолдо кырып салбашым үчүн, Өзүм силер менен барбайм, анткени силер тоң моюн элсиңер».

4 Эл бул каардуу сөздү укканда, боздоп ыйлады, эч ким жасалгасын тагынган жок.

5 Анткени Теңир Мусага мындай деген эле: «Ысрайыл уулдарына айт: "Силер тоң моюн элсиңер. Эгерде Мен силер менен барсам, анда силерди бир заматта жок кылам, ошондуктан жасалгаларыңарды чечкиле. Силерге эмне кылышты байкап көрөм"».

6 Ошентип, Ысрайыл уулдары Хореп тоосунун жанында жасалгаларын чечишти.

**Стандын сыртындагы жыйын чатыры**

7 Муса болсо стандын сыртына, стандан обочо жерге чатыр тигип, аны «жыйын чатыры» деп атады. Теңирди издеген адамдардын баары стандын сыртындагы жыйын чатырына келишчү.

8 Муса жыйын чатырына бара жатканда, элдин баары ордунан туруп, өз-өз чатырынын кире беришинде Муса жыйын чатырына киргенче карап турушчу.

9 Муса жыйын чатырына киргенде, асмандан булут мамы түшүп, жыйын чатырынын кире беришине келип турчу, ошондо Теңир Муса менен сүйлөшчү.

10 Эл жыйын чатырынын кире беришинде турган булут мамыны көрүп, ордунан туруп, өз чатырларынын кире беришинде таазим кылчу.

11 Ошондо Теңир Муса менен досу менен сүйлөшкөндөй, бетме-бет сүйлөшчү. Ошондон кийин Муса станга кайрылып келчү, ал эми анын кызматчысы Нундун уулу Жашыя жыйын чатырынан карыш жылчу эмес.

**Мусанын сыйынуусу**

12 Муса Теңирге мындай деди: «Сен мага: "Бул элди баштап бар, Мен сени атыңдан билем, сен Менин алдымда ырайым таптың", – десең да, мени менен кимди жибереriңди ачып бербедиң.

13 Эгерде мен Сенин алдыңда ырайым тапкан болсом, анда өтүнөм: Сени таанып билишим үчүн, Сенин алдыңда ырайым табышым үчүн, мага Өз жолуңду ач. Бул эл Өз элиң экенин унутпа».

14 Ошондо Теңир ага: «Мен Өзүм барам, сени бейпил жерге жеткирем», – деди.

15 Муса Теңирге: «Эгерде биз менен Сен Өзүң барбасаң, анда бизди бул жерден алып чыкпа.

16 Мен да, Сенин элиң да Сенин алдыңда ырайым тапканыбызды кантип билебиз? Сенин биз менен барганыңдан эмеспи? Ошондо мен да, Сенин элиң да жер жүзүндөгү бардык элдерден атактуу болобуз», – деди.

17 Ошондо Теңир Мусага: «Сенин азыркы айтканыңды аткарам, анткени сен Менин алдымда ырайым таптың, Мен сени атыңдан билем», – деди.

18 Муса Ага: «Мага Өз даңкыңды көрсөтчү», – деди.

19 Ошондо Теңир ага мындай деди: «Мен сенин алдыңдан бардык жакшылыктарымды өткөрүп, Теңирдин ысымын сенин алдыңда жарыя кылам. Мен кимге ырайым кылгым келсе, ага ырайым кылам; кимди аягым келсе, аны аяйм».

20 Анан Ал дагы мындай деди: «Сага Менин жүзүмдү көрүүгө болбойт, анткени Менин жүзүмдү көргөн адам тирүү калбайт».

21 Теңир дагы мындай деди: «Менин жанымда аска бар, ошол асканын үстүндө тур.

22 Менин даңкым өтүп бара жатканда, сени асканын жаракасына коём, өтүп кеткенге чейин, сени колум менен калкалап турам.

23 Мен колумду тартып алгандан кийин, Мени артыман көрөсүң, Менин жүзүмдү көрбөйсүң».

**34-БӨЛҮМ**

**Экинчи жолу берилген таш лооктор**

1 Теңир Мусага мындай деди: «Ташты жылмалап, мурункуга окшош эки лоок жаса. Мен ал лоокторго сен талкалаган мурунку таш лооктордогу сөздөрдү жазып берем.

2 Эртең мененкиге чейин даяр бол. Синай тоосунун башына чыгып, Менин алдыма келип тур.

3 Бирок сени менен тоого эч ким чыкпасын, бул тоодо эч ким көрүнбөсүн. Бул тоонун жанында майда мал да, бодо мал да жайылып жүрбөсүн».

4 Муса таш жылмалап, мурунку таш лоокторго окшош эки таш лоок жасады. Эртең менен эрте туруп, Теңир буйругандай, Синай тоосуна чыкты. Колуна эки таш лоокту алып алды.

5 Теңир булут ичинде төмөн түшүп, Мусанын жанына келип токтоп, Өзүнүн ысымын «Жахаба» деп жарыялады.

6 Анан Теңир Мусанын бет алдынан өтүп, мындай деп сүйлөдү: «Теңир – пендесин сүйгөн, ырайымдуу, чыдамдуу, абдан боорукер, адилеттүү,

7 миңинчи тукумга чейин ырайым кыла турган, айыбын, кылмышын жана күнөөсүн кечире турган, бирок жазасыз калтырбай турган, ата-бабаларынын айыбы үчүн үчүнчү жана төртүнчү тукумуна чейинки балдарын жана балдарынын балдарын жазалай турган Кудай-Теңир».

8 Муса ошол замат жерге жыгылып, Кудайга таазим кылды.

9 Анан мындай деди: «О Эгедерим! Эгерде мен Сенин алдыңда ырайым тапкан болсом, анда Эгедерим биз менен барсын, анткени бул эл – тоң моюн эл. Биздин мыйзамсыз иштерибиз менен күнөөлөрүбүздү кечир. Бизди Өз элиң кылып ал!»

**Келишимдин калыбына келтирилиши**

10 Ошондо Теңир мындай деди: «Мен мындай келишим түзөм: сенин бүткүл элиңдин алдында бүт жер жүзүндө болбогон жана эч бир элде жок кереметтерди көрсөтөм. Сен арасында жүргөн бүт эл Теңирдин иштерин көрөт, анткени Мен сен үчүн өтө коркунучтуу иш көрсөтөм.

11 Азыр Мен сага берип жаткан буйруктарымды сакта. Мына, Мен аморлуктарды, канаандыктарды, хеттиктерди, периздиктерди, хибиликтерди, жебустуктарды сенин алдыңдан кууп жатам.

12 Сак бол, өзүң ээлей турган жердин тургундары менен байланыш түзбө, алар силер түшө турган тор болуп калбасын.

13 Алардын курмандык чалынуучу жайларын талкалагыла, мамыларын кыйраткыла, мазар теректерин кыйгыла.

14 Анткени сен Теңирден башка кудайга сыйынбашың керек, Анын ысымы – “Кызганчаак”. Ал – кызганчаак Кудай.

15 Өз кудайларына табынып жатышканда жана кудайларына курмандык чалып жатышканда, сени да чакырбашы үчүн, сен да алардын курмандыктарынан жебешиң үчүн, ал жердин тургундары менен келишим түзбө.

16 Алардын кыздары өз кудайларына табынып, сенин уулдарыңды да өз кудайларына табынууга азгырбашы үчүн, уулдарыңа алардын кыздарынан аял алып бербе.

17 Өзүңө куйма кудайларды жасаба.

18 Ачыткысыз нан майрамын өткөрүп тур. Мен сага буйругандай, белгиленген Абыт айында жети күн ачыткысыз нан же, анткени сен Мисирден Абыт айында чыккансың.

19 Тун балдарыңдын баары Меники, ошондой эле бодо малыңдан тартып койлоруңа чейин, биринчи туулган эркек малыңдын баары Меники.

20 Эшектердин биринчи төлүн козуга алмаштыр. Эгерде алмаштырбасаң, анда кунун төлө. Бардык тун уулдарыңдын кунун төлө. Эч ким Менин алдыма куру кол келбесин.

21 Алты күн иштеп, жетинчи күнү эс ал. Себүү, оруу-жыюу убагында да жетинчи күнү эс ал.

22 Буудайыңдын биринчи түшүмүн жыйнаганыңда, Жумалар майрамын, жыл аягында Түшүм жыйноо майрамын майрамда.

23 Элиңдеги эркек аттуулардын баары жылына үч жолу Ысрайылдын Кудай-Теңиринин, Эгедердин, алдына келишсин.

24 Анткени Мен сенин алдыңдан бул жердеги элди кууп чыгып, сенин чек араңды кеңейтем. Эгерде сен жылына үч жолу Кудай-Теңириңдин алдына келсең, эч ким сенин жериңди тартып албайт.

25 Мага чалган курмандыгыңдын канын ачыткы кошулган нан менен бирге алып келбе. Пасах майрамына карата чалынган курмандык эртең мененкиге калбасын.

26 Жериңден алган эң биринчи түшүмүңдү Кудай-Теңириңдин үйүнө алып кел. Улакты энесинин сүтүнө бышырба».

27 Анан Теңир Мусага дагы мындай деди: «Бул сөздөрдү жазып ал, анткени бул сөздөрдүн негизинде Мен сени менен жана Ысрайыл эли менен келишим түзүп жатам».

28 Ошентип, Муса Теңирдин жанында нан да жебей, суу да ичпей, кырк күн, кырк түн болду. Ошондо Кудай таш лоокторго келишим сөздөрүн – он осуятты жазды.

**Мусанын Синай тоосунан түшүшү**

29 Муса Синай тоосунан түшүп келе жатканда, анын колунда мыйзам жазылган эки таш лоок бар эле. Муса Кудай менен сүйлөшкөндүктөн, тоодон түшүп келе жатканда, жүзүнөн нур чачырап турганын өзү билген жок.

30 Арун менен Ысрайылдын бардык уулдары Мусанын жүзүнөн нур чачырап турганын көрүп, жакын барuudan коркушту.

31 Муса аларды өзүнө чакырды. Ошондо Арун менен жамааттын бардык башчылары келишти. Муса алар менен сүйлөштү.

32 Андан кийин Ысрайылдын бүт уулдары келишти. Муса аларга Теңирдин Синай тоосунда айткан осуяттарынын баарын айтып берди.

33 Муса алар менен сүйлөшүп бүткөндөн кийин, бетине жабуу жаап алды.

34 Ал Теңир менен сүйлөшүү үчүн, Анын алдына барганда, бетиндеги жабуусун алып салчу, кайра чыкканда жаап алчу. Чыккандан кийин Теңир берген осуяттын баарын Ысрайыл уулдарына айтып берчү.

35 Ысрайыл уулдары анын жүзүнөн нур чачырап турганын көрүшчү. Теңир менен сүйлөшкөнү барганга чейин, ал кайрадан жүзүн жаап алчу.

**35-БӨЛҮМ**

**Ишемби күн жөнүндө берилген буйруктар**

1 Муса Ысрайыл уулдарынын бүт жамаатын чогултуп, аларга мындай деди: «Теңир силерге мындай осуят берди:

2 “Алты күн иштегиле, ал эми жетинчи күн силер үчүн ыйык күн болсун. Ал күн – Теңирге арналган эс алуу күнү. Ким ал күнү жумуш кылса, өлүм жазасына тартылат.

3 Ишемби күнү эч кимиңер үйүңөргө от жакпагыла”».

**Жыйын чатырына арналган тартуулар**

4 Муса Ысрайыл уулдарынын бүт жамаатына дагы мындай деди: «Теңир силерге мындай осуят берди:

5 Ар ким өз атынан, өз ыктыяры менен Теңирге алтын, күмүш, жез,

6 ачык көк, ачык кызыл, кочкул кызыл түстөгү жүн, зыгыр буласын, эчкинин тыбытын,

7 кызылга боёлгон кой терилерин, деңиз жаныбарынын терилерин, акация жыгачтарын,

8 чырактан үчүн зайтун майын, майлоочу май үчүн, түтөтүү үчүн жыпар жыттуу заттарды,

9 эфод менен төш чөнтөккө салынуучу оникс ташын жана башка асыл таштарды тартуу кылсын.

**Жыйын чатырына тиешелүү нерселер**

10 Араңардагы акылмандардын баары келип, Теңирдин буйругандарын аткарышсын:

11 жыйын чатырын, анын жабуусун, эң үстүнкү жабуусун, илгичтери менен устундарын, шыргыйлары менен мамыларын жана таканычтарын,

12 келишим сандыгын, анын шыргыйларын, капкагын жана бөлүп турган көшөгөнү,

13 үстөлдү, анын шыргыйларын, ага тиешелүү бардык нерселерди, нан тартууларын,

14 жарык берүүчү чырактанды жана ага тиешелүү бардык нерселерди, анын чырактарын, күйгүзө турган зайтун майын,

15 жыпар жыттуу зат түтөтүлүүчү жайды, анын шыргыйларын, майлоочу майды, түтөтүү үчүн жыпар жыттуу заттарды, жыйын чатырынын кире беришиндеги көшөгөнү,

16 курмандык бүтүндөй өрттөлүүчү жайды, анын жез торун, шыргыйларын, ага тиешелүү бардык нерселерди, жуунгучту жана анын түбүн,

17 короонун жабууларын, анын мамыларын жана таканычтарын, короонун эшигиндеги көшөгөнү,

18 жыйын чатырынын казыктары менен короонун казыктарын жана алардын аркандарын,

19 ыйык жайда кызмат кылганда кийиле турган кийимдерди, ыйык кызмат кылуучу Арундун жана анын уулдарынын ыйык кызмат кылганда кие турган кийимдерин даярдашсын».

**Элдин тартуулары**

20 Анан Ысрайыл уулдарынын бүт жамааты Мусанын жанынан кетишти.

21 Бул ишке жүрөгү тарткандардын бардыгы, өз каалоосу менен бергиси келгендердин бардыгы жыйын чатырын орнотуш үчүн, анын бардык керектөөлөрү үчүн жана ыйык кийимдер үчүн Теңирге арнаган тартууларын алып келишти.

22 Күйөөлөрү аялдары менен келишти, бардыгы өз каалоолору менен шакектерин, сыргаларын, асыл таштуу шакектерин, чынжырларын жана ким алтын буюмдарын арнагысы келсе, аларды Теңирге арнап алып келишти.

23 Кимдин ачык көк, ачык кызыл, кочкул кызыл түстөгү жүнү, зыгыр буласы, эчкинин тыбыты, кызылга боёлгон кой териси, деңиз жаныбарынын териси бар болсо, ошолорду алып келип жатышты.

24 Ким күмүш же жез бергиси келсе, аны Теңирге арнап алып келди. Кимдин акация жыгачы болсо, аны да жыйын чатырынын ар кандай керектөөсү үчүн берди.

25 Акылман аялдар ачык көк, ачык кызыл, кочкул кызыл түстөгү жүндөн жана зыгыр буласынан өз колдору менен ийирген түрмөк жиптерин алып келишти.

26 Бул ишке жүрөгү тарткан, жип ийиргенди билген аялдар эчкинин тыбытынан жип ийиришти.

27 Төрөлөр болсо эфод менен төш чөнтөккө салынуучу оникс ташын жана башка асыл таштарды,

28 ошондой эле жыпар жыттуу заттарды, чырактанды күйгүзүүчү майды, майлоочу май үчүн, түтөтүү үчүн жыпар жыттуу заттарды алып келип жатышты.

29 Ошентип, Ысрайыл уулдарынын эркектери менен аялдары Теңирдин Муса аркылуу жасоого тапшырган бардык иштеринин кайсынысына жүрөгү тартса, ошол иш үчүн, Теңирге өз ыктыярлары менен тартуу алып келип жатышты.

**Бетселел менен Алыйаптын иштери**

30 Муса Ысрайыл уулдарына мындай деди: «Билип алгыла, Теңир Жүйүт уруусунан Хурдун уулу, Уринин уулу Бетселелдин так өзүн дайындады.

31 Аны Кудайдын Рухуна толтурду, ага даанышмандык, түшүнүк, билгичтик, ар кандай өнөр берди,

32 алтындан, күмүштөн, жезден буюм жасаганды,

33 оюкка салынуучу таштарды кескенди, жыгач сомдогонду жана ар кандай көркөмдөө иштерин кылганды үйрөттү.

34 Теңир Бетселелдин жана Дан уруусундагы Акисамак уулу Алыйаптын жүрөгүнө башкаларды да үйрөтүү жөндөмдүүлүгүн салды.

35 Теңир аларга акылмандык берип, таш чеккичтин бардык иштерин, ачык көк, ачык кызыл, кочкул кызыл түстөгү жүндөн жана зыгыр буласынан кездеме токуган токуучунун жана чебер саймачынын ишин үйрөттү. Ошондой эле чеберчилик менен кездеме токуганды билген токуучунун бардык иштерин үйрөттү».

**36-БӨЛҮМ**

1 Бетселел менен Алыйап жана Теңир акылмандык берген акылман адамдардын баары Теңир буйругандай иштей башташты. Теңир аларга ыйык жайда иштеш үчүн керек болгон акылмандыкты жана түшүнүктү берди.

2 Анан Муса Теңир акылмандык берген Бетселел менен Алыйапты, бардык акылман адамдарды, жүрөгү бул жумушка тартылгандарды чакырды.

3 Алар ыйык жайда иштеш үчүн керек болгон, Ысрайыл уулдары алып келген тартуулардын баарын Мусанын колунан алышты. Ошол эле учурда күн сайын эртең менен тартуулар үзүлбөй келип жатты.

4 Ошондо ыйык жайда иштеп жаткан акылман адамдардын бардыгы өз иштерин токтотуп,

5 Мусага келип: «Теңир буйруган жумуштар үчүн керек болгон нерселерди эл ашыкча алып келип жатышат», – дешти.

6 Ошондо Муса буйрук берди. Анын мындай буйругу станда жарыяланды: «Эркектер да, аялдар да ыйык жайга эми эч кандай тартуу алып келишпесин». Ошондон кийин эл тартуу алып келүүнү токтотту.

7 Жумушка керектүү нерселердин баары жетип, атүгүл, артып да калды.

**Жыйын чатырын тургузуу**

8 Жыйын чатырында иштеген акылман адамдар чыйратылган зыгыр буласынан, ачык көк, ачык кызыл, кочкул кызыл түстөгү жүндөн он жабуу жасап, аларга чеберчилик менен керуптарды түшүрүштү.

9 Ар бир жабуунун узундугу жыйырма сегиз чыканак, туурасы төрт чыканак. Бардык жабуулар бирдей өлчөмдө эле.

10 Бетселел биринчи беш жабууну бири-бирине бириктирди, экинчи беш жабууну да бири-бирине бириктирди.

11 Биринчи беш жабуунун экинчи беш жабуу менен бириге турган жерине ачык көк жиптен илмек, ошондой эле экинчи беш жабуунун биринчи беш жабуу менен бириге турган четине ачык көк жиптен илмек жасады.

12 Биринчи беш жабуунун акыркы жабуусунун четине элүү илмек жасады, экинчи беш жабуунун биринчи беш жабуу менен бириге турган жерине да элүү илмек жасады. Илмектер бири-бирине дал келди.

13 Анан элүү алтын илгич жасап, илгичтер менен жабууларды бири-бирине бириктирди. Ошондо жыйын чатыры бир бүтүн чатыр болуп калды.

14 Анан жыйын чатырынын үстүн жабуу үчүн, эчкинин тыбытынан жабуу жасады. Андай жабуудан он бирди жасады.

15 Ар бир жабуунун узундугу отуз чыканак, туурасы төрт чыканак болду. Бул он бир жабуунун өлчөмү бирдей болду.

16 Беш жабууну өзүнчө, алты жабууну өзүнчө бириктирди.

17 Беш жабуунун акыркы жабуусунун четине элүү илмек, алты жабуунун акыркы жабуусунун четине элүү илмек жасады.

18 Бир бүтүн жабуу болушу үчүн, жабууларды бири-бирине бириктиргенге элүү жез илгич жасады.

19 Жыйын чатырынын үстүн жабуу үчүн, кызылга боёлгон кой терисинен жабуу жасады, анын үстүнөн жабуу үчүн, деңиз жаныбарынын терисинен жабуу жасады.

20 Жыйын чатырын тургузуу үчүн, акация жыгачынан тикесинен коюла турган төрт кырдуу устундарды жасады.

21 Ар бир устундун узундугу он чыканак, туурасы бир жарым чыканак болду.

22 Ар бир устунга экиден, бири-бирине тушташ шакектерди жасады. Бардык устундарды ушундай жасады.

23 Жыйын чатырынын түштүк тарабына ушундай устундан жыйырманы жасашты.

24 Жыйырма устундун астына күмүштөн кырк таканыч жасашты. Ар бир устундун астына экиден таканыч.

25 Жыйын чатырынын түндүк тарабына жыйырма устун жасады.

26 Бардыгы болуп кырк күмүш таканыч жасады. Ар бир устундун астындагы ашталуучу эки тээкке экиден таканыч,

27 ал эми жыйын чатырынын арт жагына, батыш жагына алты устун жасады.

28 Жыйын чатырынын арт жагындагы эки бурчу үчүн эки устун жасады.

29 Ал эки устунду ылдый жагынан бекитип, өйдө жагынан бир шакекке бекитти. Эки бурчуна эки устунду ушундай кылып орнотту.

30 Ушул сегиз устун үчүн он алты күмүш таканыч жасады, ар бир устундун астына экиден таканыч болду.

31 Акация жыгачынан шыргый жасады. Жыйын чатырынын бир жагындагы устундар үчүн беш шыргый,

32 экинчи жагындагы устундар үчүн беш шыргый, арт жагындагы устундар үчүн беш шыргый жасады.

33 Устундардын дал ортосунан өтө турган шыргыйды бир башынан экинчи башына жете тургандай кылып жасады.

34 Устундарды алтын менен каптады, шыргыйлар киргизилүүчү шакектерди да алтындан жасады, шыргыйларды да алтын менен каптады.

35 Ачык көк, ачык кызыл, кочкул кызыл түстөгү жүндөн, чыйратылган зыгыр буласынан көшөгө жасап, ага чеберчилик менен керуптарды түшүрүдү.

36 Ал көшөгө үчүн акация жыгачынан төрт мамы жасап, аларды алтын менен каптап, алтын илгичтерди такты. Мамылардын астына күмүштөн төрт таканыч куйду.

37 Ачык көк, ачык кызыл, кочкул кызыл түстөгү жүндөн, чыйратылган зыгыр буласынан жыйын чатырынын кире беришине саймалуу көшөгө жасады.

38 Ал көшөгө үчүн илгичтери бар беш мамы жасап, алардын үстүн жана аларды бириктирген шырыктарды алтын менен каптады. Мамылардын астына жезден беш таканыч куйду.

**37-БӨЛҮМ**

**Келишим сандыгы**

1 Бетселел сандыкты акация жыгачынан жасады. Анын узундугу эки жарым чыканак, туурасы бир жарым чыканак, бийиктиги бир жарым чыканак болду.

2 Анын ичин да, сыртын да таза алтын менен каптады, таажыныкындай кылып, алтын ачакейди айландыра курчады.

3 Анын төмөн жагындагы төрт бурчуна төрт алтын шакек куйду. Бир жагына эки шакек, экинчи жагына эки шакек.

4 Акация жыгачынан шыргыйларды жасап, аларды алтын менен каптады.

5 Сандыкты көтөрүп жүрүү үчүн, шыргыйларды сандыктын эки жагындагы шакектерге киргизди.

6 Анан таза алтындан капкак жасады. Анын узундугу эки жарым чыканак, туурасы бир жарым чыканак болду.

7 Алтындан эки керуп жасап, аларды чегип чыкты, аларды капкактын эки четине орнотту.

8 Капкактын бир четинен бир керупту, экинчи четинен экинчи керупту чыгарды, керуптар капкактын эки четинен чыгып турду.

9 Керуптардын канаттары асманга жайылып, капкакты жаап турду. Алар маңдай-тескей туруп, жүздөрү капкакты карап турду.

**Нан тартуусу коюлуучу үстөл**

10 Анан акация жыгачынан узундугу эки чыканак, туурасы бир чыканак, бийиктиги бир жарым чыканак үстөл жасады.

11 Аны таза алтын менен каптап, үстүнө таажыныкындай кылып, айландыра алтын ачакей жасап чыкты.

12 Анан алакандын эниндей жээк чыгарып, таажыныкындай кылып, айландыра алтын ачакей жасап чыкты.

13 Ал үстөл үчүн төрт алтын шакек куюп, шакектерди анын төрт бурчундагы төрт бутуна орнотту.

14 Үстөлдү көтөрүп жүрүү үчүн, жээктердин астына шыргыйларды сала турган шакектерди жасады.

15 Үстөлдү көтөрүп жүрүү үчүн, акация жыгачынан шыргыйларды жасап, аларды алтын менен каптады.

16 Андан кийин үстөлгө керектүү идиштерди: табактарды, жыпар жыттуу зат түтөтүлүүчү идиштерди, чөйчөктөрдү жана кумгандарды таза алтындан жасады.

**Чырактан**

17 Таза алтындан чырактан жасап, чегип чыкты. Анын өзөгү, бутактары, чөйчөкчөлөрү – мөмөчөлөрү менен гүлдөрү өзүнөн чыгарылып жасалды.

18 Анын эки капталынан алты бутак чыгарылды: үч бутагы бир капталынан, үч бутагы экинчи капталынан чыгарылды.

19 Бир бутагынан бадам гүлүнө окшогон үч чөйчөкчө – мөмөчөлөр менен гүлдөр, экинчи бутактан да бадам гүлүнө окшогон үч чөйчөкчө – мөмөчөлөр менен гүлдөр чыгарылды. Чырактандан чыгып турган алты бутактын баары так ушундай эле.

20 Ал эми чырактандын өзөгүнөн да бадам гүлүнө окшогон төрт чөйчөкчө – мөмөчөлөр менен гүлдөр чыгарылды.

21 Өзүнөн чыгып турган алты бутактын астынан мөмөчөлөр чыгарылды. Биринчи эки бутактын астынан бир мөмөчө, экинчи эки бутактын астынан бир мөмөчө, үчүнчү эки бутактын астынан бир мөмөчө чыгарылды.

22 Мөмөчөлөрү менен бутактары өзөктүн өзүнөн чыгарылып, бардыгы таза алтындан бир бүтүн болуп жасалып, чегилди.

23 Чырактандын жети чырагын, кычкачын, чырак өчүргүчтөрүн таза алтындан жасады.

24 Чырактанды жана ага тиешелүү бардык нерселерди бир талант таза алтындан жасады.

**Жыпар жыттуу зат түтөтүлүүчү жай**

25 Жыпар жыттуу зат түтөтүлүүчү жайды акация жыгачынан төрт бурчтуу кылып жасады. Анын узундугу бир чыканак, туурасы бир чыканак, бийиктиги эки чыканак болду. Анын төрт бурчунан мүйүздөр чыгарылды.

26 Анын өзүн, үстүн, капталдарын, мүйүздөрүн таза алтын менен каптап, таажыныкындай кылып, айландыра алтын ачакей жасады.

27 Ачакейдин астындагы эки бурчуна эки алтын шакек жасады. Шыргый салып көтөрүп жүрүү үчүн, аларды эки жагына жасады.

28 Шыргыйларды акация жыгачынан жасап, аларды алтын менен каптады.

29 Майлоочу майды, түтөтүү үчүн жыпар жыттуу таза заттарды, аралашма жасаган адамдай, чеберчилик менен жасады.

**38-БӨЛҮМ**

**Курмандык бүтүндөй өрттөлүүчү жай**

1 Курмандык бүтүндөй өрттөлүүчү жайды акация жыгачынан төрт бурчтуу кылып, узундугун беш чыканак, туурасын беш чыканак, бийиктигин үч чыканак кылып жасады.

2 Анын төрт бурчунан мүйүз чыгарып, аны жез менен каптады.

3 Курмандык чалынуучу жайга тиешелүү бардык нерселерди: күл сала турган идиштерди, калактарды, чараларды, айрыларды, чок салгычтарды, ага тиешелүү нерсенин баарын жезден жасады.

4 Курмандык чалынуучу жай үчүн жезден арчындап тор жасады. Анан курмандык чалынуучу жайдын жарымын түзүп тургудай кылып, аны тегерете чыгып турган кырдын астына орнотту.

5 Шыргыйларды киргизүү үчүн, тордун төрт бурчуна төрт шакек жасады.

6 Шыргыйларды акация жыгачынан жасап, аларды жез менен каптады.

7 Курмандык чалынуучу жайды көтөрүп жүрүү үчүн, шыргыйларды капталдарындагы шакектерге киргизди. Курмандык чалынуучу жайды тактайдан ичин бош кылып жасады.

**Жуунгуч**

8 Жуунгучту жана анын түбүн жезден жасады, аларды жыйын чатырынын кире беришинде кызмат кылган аялдардын күзгүлөрү менен кооздоду.

**Короо**

9 Короону мындай жасады: түштүк тарабына чыйратылган зыгыр буласынан узундугу жүз чыканак болгон жабуу жасады.

10 Ал үчүн жыйырма мамы жана мамылардын астына жыйырма жез таканыч жасады. Мамылардын илгичтери менен мамыларды бириктирген шырыкты күмүштөн жасады.

11 Түндүк жагына да узундугу жүз чыканак болгон жабуу жасады. Ал үчүн жыйырма мамы, мамылардын астына жыйырма жез таканыч жасалды. Мамылардын илгичтери менен мамыларды бириктирген шырыктарды күмүш менен каптады.

12 Батыш жагына да узундугу элүү чыканак болгон жабуу жасады. Ал үчүн он мамы, мамылардын астына он таканыч жасады. Мамылардын илгичтери менен мамыларды бириктирген шырыктарды күмүш менен каптады.

13 Короонун чыгыш жакты караган алдыңкы бетине узундугу элүү чыканак болгон жабуу жасады.

14 Короонун эшигинин бир тарабына узундугу он беш чыканак болгон жабуу жасады. Ал үчүн үч мамы, алардын астына үч таканыч жасалды.

15 Эшиктин экинчи тарабына узундугу он беш чыканак болгон жабуу жасады. Ал үчүн үч мамы, алардын астына үч таканыч жасалды.

16 Короону айланта тартылган бардык жабуулар чыйратылган зыгыр буласынан жасалды.

17 Ал эми мамылардын таканычтары жезден, илгичтери менен шырыктары күмүштөн жасалды. Мамылардын үстү күмүш менен капталды. Короонун бардык мамылары күмүш шырыктар менен бириктирилди.

18 Короонун кире беришиндеги көшөгө ачык көк, ачык кызыл, кочкул кызыл түстөгү жүндөн жана чыйратылган зыгыр буласынан саймаланып жасалды. Анын узундугу жыйырма чыканак, бийиктиги беш чыканак болуп, короонун жабуулары сыяктуу эле узатасынан тартылды.

19 Ал үчүн төрт мамы орнотулуп, мамылардын астына жезден төрт таканыч куюлду. Мамылардын үстү күмүш менен капталды, алардын илгичтери жана аларды бириктирген шырыктар да күмүштөн жасалды.

20 Жыйын чатырынын жана короонун тегерегиндеги казыктардын баары жезден куюлду.

**Жыйын чатырына керектелген алтын, күмүш, жез**

21 Мусанын буйругу боюнча, ыйык кызмат кылуучу Арундун уулу Итамардын жетекчилиги астында лебилер жыйын чатырына жумшалган нерселерди эсептешти.

22 Теңир Мусага эмнени буйруса, ошонун баарын Жүйүт урууcундагы Хурдун уулу, Уринин уулу Бетселел жасады.

23 Аны менен бирге Дан урууcундагы Акисамак уулу Алыйап иштеди. Ал таш чеккич, чебер токуучу, ачык көк, ачык кызыл, кочкул кызыл жүндөрдөн жана зыгыр буласынан жасалган кездемелерге сайма сайган саймачы эле.

24 Ыйык жайдын бардык керектөөлөрүнө жумшалган, тартууга алып келинген алтын жыйырма тогуз талант болду. Ыйык шекелден жети жүз отуз шекел болду.

25 Эсепке кирген элден жыйналган күмүш жүз талант жана бир миң жети жүз жетимиш беш ыйык шекел болду.

26 Эсепке кирген, жыйырма жана андан жогорку жаштагы алты жүз үч миң беш жүз элүү кишинин ар бири ыйык шекелден жарым шекел берди.

27 Жүз талант күмүш ыйык жайдын жана көшөгөлөрдүн таканычтарын куюуга жумшалды. Жүз таканычка жүз талант күмүш, бир таканычка бир талант күмүш жумшалды.

28 Мамылардын илгичтерин, мамыларды бириктирген шырыктарды жасаганга жана мамылардын үстүн күмүш менен каптаганга бир миң жети жүз жетимиш беш шекел жумшалды.

29 Тартууга алып келинген жез жетимиш талант, эки миң төрт жүз шекел болду.

30 Ал жезден жыйын чатырынын кире беришиндеги мамылардын таканычтарын, курмандык чалынуучу жайды, анын жез торун жана курмандык чалынуучу жайдын бардык буюмдарын,

31 короонун мамыларынын таканычтарын, эшиктин мамыларынын таканычтарын, жыйын чатырынын казыктарын, короонун тегерегиндеги бардык казыктарды жасады.

**39-БӨЛҮМ**

**Башкы ыйык кызмат кылуучу Арундун кийими**

1 Алар ачык көк, ачык кызыл жана кочкул кызыл түстөгү жүндөн ыйык жайда кызмат кылганда кийиле турган ыйык кийимдерди да токушту. Теңир Мусага буйругандай, Арунга ыйык кийимдерди токушту.

2 Эфодду алтындан, ачык көк, ачык кызыл жана кочкул кызыл түстөгү жүндөн, чыйратылган зыгыр буласынан токушту.

3 Алар алтынды жука жайып, андан жип жасап, ачык көк, ачык кызыл, кочкул кызыл жүндөрдүн, зыгыр буласынан чыйратылган жиптердин арасына кошуп, чеберчилик менен кездеме токушту.

4 Эфоддун эки ийинине алды-артын бириктире турган чен жасашты, чендин эки учу эфоддун алды-артына бириктирилди.

5 Эфоддун бел курчоосун эфоддукундай кылып алтындан, ачык көк, ачык кызыл, кочкул кызыл жүндөн жана чыйратылган зыгыр буласынан Теңир Мусага буйругандай кылып токушту.

6 Оникс таштарына, мөөрдүн бетине чеккендей, Ысрайыл уулдарынын аттарын чегип жазып, аларды алтын оюктарга салышты.

7 Теңир Ысрайыл уулдарын эсине алышы үчүн, Теңир Мусага буйругандай, аны эфоддун чендерине бекитишти.

**Төш чөнтөктүн токулушу**

8 Эфодду токугандай эле, төш чөнтөктү да алтындан, ачык көк, ачык кызыл, кочкул кызыл жүндөн, чыйратылган зыгыр буласынан чеберчилик менен токушту.

9 Ал төрт чарчы эле. Төш чөнтөктү алар эки кат кылып токушту, анын узундугу бир карыш, туурасы бир карыш.

10 Ага асыл таштарды төрт катар кылып салышты. Биринчи катарына лаал, топаз, зымырыт,

11 экинчи катарына карбункул, сапфир, алмаз,

12 үчүнчү катарына жакут, агат, аметист,

13 төртүнчү катарына хризолит, оникс жана яспис салышты. Алар алтын оюктарга жаткырылды.

14 Таштар Ысрайыл уулдарынын санына жараша болду. Алардын аттарынын саны он эки эле. Мөөрдүн бетине чеккендей, ар бир таштын бетине он эки уруунун аты бирден чегилип жазылды.

15 Төш чөнтөк үчүн таза алтындан өрүлгөн чынжырчаларды жасашты.

16 Алтындан эки оюк, эки шакекче жасап, эки шакекчени төш чөнтөктүн эки учуна бекитишти.

17 Алтындан өрүлгөн чынжырчаларды төш чөнтөктүн эки учундагы шакекчелерге өткөрүштү.

18 Ал эми эки чынжырчанын эки учун эфоддун ченинин сырткы бетине бекитишти.

19 Дагы эки алтын шакекче жасап, аларды төш чөнтөктүн экинчи эки учуна, төш чөнтөктүн ички бетине бекитишти.

20 Алтындан дагы эки шакекче жасап, эфоддун сыртына, эки чендин ылдый жагындагы эфоддун алды-арты бириккен жерине, бел курчоонун үстүнө бекитишти.

21 Теңир Мусага буйругандай, төш чөнтөктүн шакекчелери менен эфоддун шакекчелерин ачык көк жүндөн чыйратылган боо менен байлашты, төш чөнтөктү эфоддон түшпөгүдөй кылып, бел курчоонун үстүнөн байлашты.

22 Анан эфоддун ичинен кие турган чапанды ачык көк жүндөн токушту.

23 Чапанга сооттукундай туюк жака чыгарып, айрылбашы үчүн жээгин кыюулап коюшту.

24 Ачык көк, ачык кызыл, кочкул кызыл жүндөн чапандын этегине тегерете чокторду жасашты.

25 Таза алтындан жылаажындарды жасап, аларды чоктордун араларына, чапандын этегине кыдырата тагышты.

26 Теңир Мусага буйругандай, жылаажындар менен чокторду ыйык кызмат кылганда кийиле турган чапандын этегине алмак-салмак, кыдырата тагышты.

**Калган кийимдердин токулушу**

27 Арунга жана анын уулдарына зыгыр буласынан узун көйнөктөрдү токушту.

28 Зыгыр буласынан кидарларды, баш кийимдерди, ич кийимдерди токушту.

29 Теңир Мусага буйругандай, чыйратылган зыгыр буласынан, ачык көк, ачык кызыл жана кочкул кызыл түстөгү жүндөн коноздоп бел курчоо токушту.

30 Таза алтынды жылмалап, ыйык таажы жасап, мөөрдүн бетине чеккендей, анын бетине «Бул Теңирге арналган» деп чегип жазышты.

31 Теңир Мусага буйругандай, аны кидарга байлаш үчүн, ага ачык көк жүндөн боо бекитишти.

**Жумуштун аякташы**

32 Ошентип, жыйын чатырынын бардык жумуштары бүттү. Теңир Мусага кандай буйруса, Ысрайыл уулдары баарын так ошондой аткарышты.

33 Анан алар Мусага жыйын чатырын, анын жабууларын, ага тиешелүү бардык нерселерди, анын илгичтерин, устундарын, шыргыйларын, мамыларын жана таканычтарын алып келишти.

34 Кызылга боёлгон кой терисинен жасалган жабууну, деңиз жаныбарынын терисинен жасалган жабууну жана далдалай турган көшөгөнү,

35 мыйзам салынган сандыкты, анын шыргыйларын, капкагын,

36 үстөлдү жана ага тиешелүү бардык нерселерди, нан тартууларын,

37 таза алтындан жасалган чырактанды, анын үстүнө коюлуучу чырактарды жана ага тиешелүү нерселердин баарын, чырактанды күйгүзүүчү зайтун майын,

38 алтындан жасалган жыпар жыттуу зат түтөтүлүүчү жайды, майлоочу майды, түтөтүлүүчү жыпар жыттуу заттарды жана жыйын чатырынын кире беришиндеги көшөгөнү,

39 жезден жасалган курмандык чалынуучу жайды, анын жез торун, шыргыйларын, ага тиешелүү бардык нерселерди, жуунгучту жана анын түбүн,

40 короонун жабууларын, мамыларын, алардын таканычтарын, короонун кире беришиндеги көшөгөнү, аркандарын, казыктарын жана жыйын чатырында кызмат кылганда керектелүүчү буюмдарды,

41 ыйык жайда кызмат кылганда кийиле турган кийимдерди, ыйык кызмат кылуучу Арундун ыйык кийимдерин, Арундун уулдарынын ыйык кызмат кылганда кие турган кийимдерин алып келишти.

42 Теңир Мусага кандай буйруса, Ысрайыл уулдары бардык жумушту так ошондой аткарышты.

43 Муса алар аткарган жумуштун бардыгын карап чыгып, бардыгы Теңир буйругандай аткарылганын көрдү. Ошондо Муса аларга батасын берди.

**40-БӨЛҮМ**

**Жыйын чатырынын ыйыкталышы**

1 Теңир Мусага мындай деди:

2 «Биринчи айдын биринчи күнү жыйын чатырын тик.

3 Анын ичине келишим сандыгын алып кирип, сандыктын алдына көшөгөнү ил.

4 Үстөлдү алып кирип, анын үстүнө идиштерин кой, анан чырактанды алып кирип, анын үстүнө чырактарын кой.

5 Алтындан жасалган жыпар жыттуу зат түтөтүлүүчү жайды алып кирип, келишим сандыгынын тушуна кой, жыйын чатырынын кире беришине көшөгөнү ил.

6 Курмандык чалынуучу жайды жыйын чатырынын алдына кой.

7 Жуунгучту жыйын чатыры менен курмандык чалынуучу жайдын ортосуна коюп, ичине суу куюп кой.

8 Короону жабуу менен курча, короонун кире беришинин көшөгөсүн ил.

9 Майлоочу майды алып, жыйын чатырын жана ага тиешелүү бардык нерсени ыйыкташ үчүн майлап чык, ошондо алар ыйык болот.

10 Курмандык чалынуучу жайды жана ага тиешелүү бардык нерселерди майлап чык. Курмандык чалынуучу жайды ыйыкта, ошондо ал эң ыйык жай болот.

11 Жуунгучту жана анын түбүн майлап ыйыкта.

12 Арунду жана анын уулдарын жыйын чатырынын алдына алып келип, сууга жуунт.

13 Мага ыйык кызмат кылышы үчүн, Арунга ыйык кийимдерди кийгизип, аны майлап, ыйык кызматка дайында.

14 Анын уулдарын алып келип, аларга узун көйнөктөрдү кийгиз.

15 Алар Мага ыйык кызмат кылышы үчүн, аларды да атасын майлагандай майла. Бул майлоо аларды түбөлүккө, укумдан-тукумга ыйык кызматка дайындаган майлоо болот».

16 Муса бардыгын Теңир буйругандай аткарды.

17 Жыйын чатыры экинчи жылдын биринчи айынын биринчи күнү тургузулду.

18 Муса жыйын чатырын тикти: анын таканычтарын орнотту, устундарын бекитти, шыргыйларын койду, мамыларын тургузду,

19 анан жыйын чатырынын үстүнө жабуу жапты, Теңир буйругандай кылып, алардын үстүнө дагы бир жабуу жапты.

20 Мыйзамды алып, сандыкка салды, шыргыйларды сандыктын шакектерине киргизди, сандыктын үстүнө капкакты жапты.

21 Сандыкты жыйын чатырынын ичине алып кирип, көшөгөнү илип, Теңир буйругандай, келишим сандыгын далдалап койду.

22 Жыйын чатырынын ичине, анын түндүк жагына, көшөгөнүн сыртына үстөлдү койду.

23 Теңир буйругандай, анын үстүнө Теңирдин алдына эки катар нан тизип койду.

24 Жыйын чатырынын ичине, үстөлдүн маңдайына, жыйын чатырынын түштүк жагына чырактанды койду.

25 Теңир буйругандай кылып, Теңирдин алдына чырактанды, анын үстүнө чырактарды койду.

26 Жыйын чатырынын ичине, көшөгөнүн жанына алтындан жасалган жыпар жыттуу зат түтөтүлүүчү жайды койду.

27 Теңир буйругандай, анын үстүндө жыпар жыттуу заттарды түтөттү.

28 Анан жыйын чатырынын кире беришине көшөгө илди.

29 Жыйын чатырынын алдына курмандык бүтүндөй өрттөлүүчү жайды койду, Теңир буйругандай, анын үстүнө бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык чалып, нан курмандыктарын өрттөдү.

30 Анан жуунгучту жыйын чатыры менен курмандык бүтүндөй өрттөлүүчү жайдын ортосуна коюп, суу куюп койду.

31 Андан суу алып, Муса, Арун жана Арундун уулдары колдорун, буттарын жуушту.

32 Теңир Мусага буйругандай, алар жыйын чатырына киреерде жана курмандык чалынуучу жайга жакындарда жуунушчу.

33 Жыйын чатыры менен курмандык чалынуучу жайдын тегерегин жабуу менен курчап, короонун кире беришине көшөгө илди. Ошентип, Муса бардык ишти бүттү.

**Жыйын чатырынын үстүндөгү булут**

34 Ошондо жыйын чатырын булут каптап, жыйын чатыры Теңирдин даңкына толду.

35 Муса жыйын чатырына кире алган жок, анткени чатырды булут каптап, Теңирдин даңкына толуп турган эле.

36 Булут жыйын чатырынан көтөрүлгөндө, Ысрайыл уулдары жолун улантышчу.

37 Эгерде булут көтөрүлбөсө, анда алар да, ал көтөрүлмөйүнчө, жолго чыгышчу эмес.

38 Анткени Теңирдин булуту Ысрайыл уулдарынын көз алдында жыйын чатырынын үстүндө күндүз булут болуп, түн ичинде от болуп, аларды жер кезип жүргөн учурунда коштоп жүрчү.

**Мусанын үчүнчү китеби ЛЕБИЛЕР**

**1-БӨЛҮМ**

**Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык**

1 Теңир Мусаны чакырып, жыйын чатырынын ичинен ага мындай деп айтты:

2 «Ысрайыл уулдарына мындай деп айт: Силердин араңардан кимдир бирөө Теңирге арнап малдан курмандык чалгысы келсе, анда бодо малдан же майда малдан чалсын.

3 Эгерде ал бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка бодо малдан чала турган болсо, кемчилиги жок эркек мал чалсын. Теңирден ырайым табыш үчүн, ал аны жыйын чатырынын кире беришине жетелеп келсин.

4 Анан колун бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктын башына койсун, ошондо ал ырайым таап, күнөөлөрүнөн тазаланат.

5 Анан букачарды Теңирдин алдында сойсун. Аруундун уулдары, ыйык кызмат кылуучулар, анын канын алып келип, жыйын чатырынын кире беришиндеги курмандык чалынуучу жайдын ар тарабына чачып чыгышсын.

6 Анан ал бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктын терисин сыйрып алып, этин жиликтеп бөлсүн.

7 Аруундун уулдары, ыйык кызмат кылуучулар болсо, курмандык чалынуучу жайга от алып келип, үстүнө отун салышсын.

8 Аруундун уулдары, ыйык кызмат кылуучулар, курмандыктын жиликтенген этин, башын, майын курмандык чалынуучу жайда күйүп жаткан отундардын үстүнө орду-орду менен коюшсун.

9 Ал эми ичеги-карындары менен шыйрактарын сууга жуушсун. Анан ыйык кызмат кылуучу анын бардыгын курмандык чалынуучу жайда өрттөсүн. Бул – жыты Теңирге жаккан бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык.

10 Эгерде анын курмандыгы майда мал: кой же эчки болсо, анда кемчилиги жок эркек мал болсун.

11 Аны Теңирдин алдында курмандык чалынуучу жайдын түндүк тарабына сойсун. Аруундун уулдары, ыйык кызмат кылуучулар, анын канын курмандык чалынуучу жайдын ар тарабына чачып чыгышсын.

12 Анан аны жиликтеп бөлүп, башын кесип, майын ажыратышсын. Ыйык кызмат кылуучу аларды курмандык чалынуучу жайда күйүп жаткан отундардын үстүнө орду-орду менен койсун.

13 Ал эми ичеги-карындары менен шыйрактарын сууга жуушсун. Анан ыйык кызмат кылуучу баарын алып келип, курмандык чалынуучу жайда өрттөсүн. Бул – жыты Теңирге жаккан бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык.

14 Эгерде ал бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка Теңирге арнап канаттуулардан алып келгиси келсе, бактек же жаш көгүчкөн алып келсин.

15 Ыйык кызмат кылуучу аны курмандык чалынуучу жайга алып келип, башын бурап, курмандык чалынуучу жайда өрттөсүн, канын болсо курмандык чалынуучу жайдын капталына сыксын.

16 Анын жемсөөсү менен жүнүн курмандык чалынуучу жайдын чыгыш тарабындагы күл жаткан жерге таштасын.

17 Анын канаттарын сындырып койсун, бирок жулуп албасын. Ыйык кызмат кылуучу аны курмандык чалынуучу жайда күйүп жаткан отундардын үстүнө коюп өрттөп жиберсин. Бул – жыты Теңирге жаккан бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык.

**2-БӨЛҮМ**

**Нан курмандыгы жөнүндө**

1 Ким Теңирге арнап нан курмандыгын алып келе турган болсо, буудай унун алып келсин. Ага зайтун майын куюп, үстүнө ладан салсын.

2 Анан аны Аруундун уулдарына, ыйык кызмат кылуучуларга, алып келсин. Ыйык кызмат кылуучу зайтун майы менен ладан кошулган ундан бир ууч алып, Теңир эсине алышы үчүн, аны курмандык чалынуучу жайда өрттөсүн. Бул – жыты Теңирге жаккан курмандык.

3 Ал эми нан курмандыгынын калганы Арунга жана анын уулдарына тиешелүү. Бул Теңирге арналган курмандыктардын эң ыйыгы болот.

4 Эгерде нан курмандыгына тандырга жабылган нан алып келсең, анда ал ачыткы кошулбаган, зайтун майы кошулган буудай унунан жуурулган нан болсун жана зайтун майы сыйпалган, ачыткы кошулбаган токоч болсун.

5 Эгерде нан курмандыгына көмөч казанга бышырылган нан алып келсең, анда ал ачыткы кошулбаган, зайтун майы кошулган буудай унунан жасалсын.

6 Аны сындырып-сындырып, үстүнө зайтун майын куй. Бул нан курмандыгы болот.

7 Эгерде нан курмандыгына карапага бышырылган нан алып келсең, анда ал зайтун майы кошулган буудай унунан жасалсын.

8 Теңирге ушундай жасалган нан курмандыктарын алып кел. Аларды ыйык кызмат кылуучуга бер, ал болсо аны курмандык чалынуучу жайга алып келип коёт.

9 Ыйык кызмат кылуучу ал курмандыктардын бир бөлүгүн алып, Теңир эсине алышы үчүн, курмандык чалынуучу жайда өрттөсүн. Бул – жыты Теңирге жаккан курмандык.

10 Ал эми нан курмандыгынын калганы Арунга жана анын уулдарына тиешелүү. Бул Теңирге арнап өрттөлүүчү курмандыктардын эң ыйыгы.

11 Теңирге арнап алып келген нан курмандыгыңардын эч бирине ачыткы кошпогула, анткени ачыткы кошулган курмандыкты, балды Теңирге арнап өрттөгөнгө болбойт.

12 Аларды биринчи түшүм курмандыгы катары Теңирге алып келсеңер болот, бирок аларды жагымдуу жыт катары курмандык чалынуучу жайда өрттөгөнгө болбойт.

13 Нан курмандыктарыңдын ар бирине туз сал. Курмандыктарыңа Кудайыңдын келишим тузун кошпой койбо. Ар бир курмандыгыңды алып келгенде, туз ала кел.

14 Эгерде биринчи түшүмүңдөн Теңирге арнап нан курмандыгын алып келсең, анда алгачкы буудай баштарынан отко кууруп, жанчып майдалап алып кел.

15 Аларга зайтун майынан куюп, үстүнө ладан салып кой. Бул нан курмандыгы болот.

16 Ыйык кызмат кылуучу зайтун майы менен ладан кошулган дандардын бир бөлүгүн алып, Теңир эсине алышы үчүн өрттөсүн. Бул Теңирге арналган курмандык болот.

**3-БӨЛҮМ**

**Тынчтык курмандыгы жөнүндө**

1 Ким Теңирге арнап тынчтык курмандыгына эркек же ургаачы бодо малдан алып келсе, анда кемчилиги жогунан алып келсин.

2 Анан колун өз курмандыгынын башына коюп, жыйын чатырынын эшигинин алдында сойсун. Аруундун уулдары, ыйык кызмат кылуучулар болсо, анын канын курмандык чалынуучу жайдын ар тарабына чачып чыгышсын.

3 Анан ал Теңирге арнап тынчтык курмандыгынын карын майын жана ичиндеги бүт майын,

4 карчыганын астындагы эки бөйрөгү менен бөйрөк майын, эки бөйрөк менен кошо боор майын бөлүп алып келсин.

5 Аруундун уулдары буларды курмандык чалынуучу жайда күйүп жаткан отундардын үстүндөгү бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык менен кошо өрттөшсүн. Бул – жыты Теңирге жаккан курмандык.

6 Ким Теңирге арнап тынчтык курмандыгына эркек же ургаачы майда малдан алып келе турган болсо, кемчилиги жогунан алып келсин.

7 Эгерде ал курмандыкка кой алып келсе, аны Теңирдин алдына жетелеп келсин.

8 Анан колун өз курмандыгынын башына коюп, жыйын чатырынын эшигинин алдында сойсун. Аруундун уулдары болсо анын канын курмандык чалынуучу жайдын ар тарабына чачып чыгышсын.

9 Анан ал Теңирге арнап өрттөө үчүн, тынчтык курмандыгынын майын, кыр арканын учунан кесилген куйрук майын, карын майын, ичиндеги бүт майын,

10 карчыганын астындагы эки бөйрөгү менен бөйрөк майын, эки бөйрөгү менен кошо боор майын бөлүп алып келсин.

11 Ыйык кызмат кылуучу аларды курмандык чалынуучу жайда өрттөсүн. Отко өрттөлгөн бул курмандык Теңирге арналган курмандык болот.

12 Эгерде ал курмандыкка эчки алып келсе, аны Теңирдин алдына жетелеп келсин.

13 Анан колун анын башына коюп, жыйын чатырынын алдында сойсун. Аруундун уулдары анын канын курмандык чалынуучу жайдын ар тарабына чачып чыгышсын.

14 Анан Теңирге арнап анын карын майын жана ичиндеги бүт майын,

15 карчыганын астындагы эки бөйрөгү менен бөйрөк майын, эки бөйрөгү менен кошо боор майын бөлүп алып келсин.

16 Анан ыйык кызмат кылуучу аларды курмандык чалынуучу жайда өрттөсүн. Отко өрттөлгөн бул курмандык – жыты Теңирге жаккан курмандык, анын бардык майы Теңирге арналсын.

17 Бул көрсөтмө силердин укум-тукумуңарга алардын жашаган жерине карабастан түбөлүккө калсын. Эч кандай май, эч кандай кан жебегиле».

**4-БӨЛҮМ**

**Күнөө үчүн чалынуучу курмандык жөнүндө**

1 Теңир Мусага мындай деп айтты:

2 «Ысрайыл уулдарына айт: "Ким Теңирдин осуяттарынын бирин жаңылыштык менен бузуп күнөө кылса жана кылууга болбой турган иштерди кылса,

3 же майланган ыйык кызмат кылуучу күнөө кылып, элди күнөөкөр кылса, анда кылган күнөөсү үчүн бодо малдан кемчилиги жок букачарды Теңирдин алдына күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка алып келсин.

4 Анан ал букачарды жыйын чатырынын эшигинин алдына, Теңирдин алдына алып келип, колдорун букачардын башына коюп, Теңирдин алдында сойсун.

5 Майланган ыйык кызмат кылуучу букачардын канынан алып, жыйын чатырына алып кирсин.

6 Анан ыйык кызмат кылуучу сөөмөйүн канга малып, Теңирдин алдында, ыйык жайдын көшөгөсүнүн алдында жети жолу чачсын.

7 Ыйык кызмат кылуучу букачардын канын жыйын чатырында, Теңирдин алдында турган жыпар жыттуу зат түтөтүлүүчү жайдын мүйүздөрүнө сыйпасын. Ал эми букачардын калган канын жыйын чатырынын кире беришиндеги курмандык чалынуучу жайдын түбүнө төгүп салсын.

8 Анан күнөө үчүн чалынган букачардын майынын баарын: карын майын, ичиндеги бүт майын,

9 карчыганын астындагы эки бөйрөгүн, бөйрөк майын, эки бөйрөгү менен кошо боор майын бөлүп алсын.

10 Буларды тынчтык курмандыгына чалынган букачардыкындай кылып бөлүп алсын. Буларды ыйык кызмат кылуучу курмандык чалынуучу жайда өрттөсүн.

11 Ал эми букачардын терисин, бүт этин, башын, шыйрактарын, ичеги-карынын кан-жини менен,

12 букачарды бүт бойдон стандын сыртындагы күл төгүлүүчү таза жерге алып чыгып, отундардын үстүнө коюп өрттөп жиберсин. Ал күл төгүлүүчү жерде өрттөлсүн.

13 Эгерде Ысрайыл жамааты жаңылыштык менен күнөө кылса, ал жамааттын алдында ачыкка чыкпаса же Теңирдин осуяттарынын бирин бузуп, кылууга болбой турган бир иш кылып, күнөөлүү болсо,

14 анда алар күнөө кылганын билишкенден кийин, бүткүл жамааттын күнөөсү үчүн курмандыкка бодо малдан бир букачар чыгарып, аны жыйын чатырынын алдына алып келишсин.

15 Анан жамааттын аксакалдары Теңирдин алдында колдорун букачардын башына коюп, аны Теңирдин алдында союшсун.

16 Анан майланган ыйык кызмат кылуучу букачардын канын жыйын чатырынын ичине алып кирсин.

17 Ыйык кызмат кылуучу сөөмөйүн канга малып, Теңирдин алдына, ыйык жайдын көшөгөсүнүн алдына жети жолу чачсын.

18 Анан канды жыйын чатырынын ичинде Теңирдин алдында турган курмандык чалынуучу жайдын мүйүздөрүнө сыйпасын, ал эми калган канды жыйын чатырынын кире беришинде турган курмандык бүтүндөй өрттөлүүчү жайдын түбүнө төгүп салсын.

19 Анан анын майынын баарын чыгарып алып, курмандык чалынуучу жайда өрттөп жиберсин.

20 Кылган күнөө үчүн алып келген букачарды кандай кылса, бул букачарды да дал ошондой кылсын. Ыйык кызмат кылуучу аларды ушинтип тазалайт, ошондо алардын кылган күнөөсү кечирилет.

21 Мурунку букачарды өрттөгөндөй эле, бул букачарды да стандын сыртына алып чыгып өрттөп жиберсин. Бул жамааттын күнөөсү үчүн чалынган курмандык болот.

22 Ал эми башчы күнөө кылса жана Кудай-Теңиринин осуяттарынын бирин жаңылыштык менен бузуп, кылууга болбой турган бир иш кылып, күнөөлүү болсо,

23 анда ал күнөө кылганын билгенден кийин, кемчилиги жок текени курмандыкка алып келсин.

24 Анан колун текенин башына коюп, Теңирдин алдындагы бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктар союлуучу жерде сойсун. Бул курмандык күнөө үчүн чалынган курмандык болот.

25 Анан ыйык кызмат кылуучу күнөө үчүн чалынган курмандыктын канына сөөмөйүн малып, курмандык бүтүндөй өрттөлүүчү жайдын мүйүздөрүнө сыйпасын. Ал эми анын калган канын курмандык чалынуучу жайдын түбүнө төгүп салсын.

26 Анын бүт майын тынчтык курмандыгынын майын өрттөгөндөй кылып өрттөсүн. Ыйык кызмат кылуучу аны кылган күнөөсүнөн ушинтип тазалайт, ошондо анын күнөөсү кечирилет.

27 Элдин ичинен бир адам жаңылыштык менен күнөө кылса жана Теңирдин осуяттарынын бирин бузуп, кылууга болбой турган бир иш кылып, күнөөлүү болсо,

28 анда ал күнөө кылганын билгенден кийин, күнөөсү үчүн кемчилиги жок эчкини курмандыкка алып келсин.

29 Анан күнөөсү үчүн алып келген курмандыктын башына колун коюп, күнөөсү үчүн чалынуучу эчкини бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктар союлуучу жерде сойсун.

30 Анан ыйык кызмат кылуучу анын канына сөөмөйүн малып, курмандык бүтүндөй өрттөлүүчү жайдын мүйүздөрүнө сыйпасын, ал эми анын калган канын курмандык чалынуучу жайдын түбүнө төгүп салсын.

31 Анын майынын баарын тынчтык курмандыгынын майын бөлүп алгандай кылып бөлүп алсын. Анан ыйык кызмат кылуучу аны курмандык чалынуучу жайда өрттөп жиберсин. Бул – жыты Теңирге жаккан курмандык. Ыйык кызмат кылуучу аны ушинтип тазалайт, ошондо анын күнөөсү кечирилет.

32 Эгерде ал кылган күнөөсү үчүн кой алып келгиси келсе, анда кемчилиги жок ургаачы кой алып келсин.

33 Анан ал колун күнөөсү үчүн чалынуучу курмандыктын башына коюп, аны бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктар союлуучу жерде сойсун.

34 Анан ыйык кызмат кылуучу күнөө үчүн чалынган бул курмандыктын канына сөөмөйүн малып, курмандык бүтүндөй өрттөлүүчү жайдын мүйүздөрүнө сыйпасын, ал эми анын калган канын курмандык чалынуучу жайдын түбүнө төгүп салсын.

35 Анан анын бүт майын тынчтык курмандыгына чалынган койдун майындай кылып бөлүп алсын. Анан бул майды ыйык кызмат кылуучу Теңирге арнап курмандык чалынуучу жайда өрттөсүн. Ыйык кызмат кылуучу аны кылган күнөөсүнөн ушинтип тазалайт, ошондо анын күнөөсү кечирилет.

**5-БӨЛҮМ**

**Айып үчүн чалынуучу курмандык жөнүндө**

1 Ким бирөөнүн каргыш айтканын угуп, ошого күбө болуп туруп же көрүп-билип туруп айтпай койсо, анда ал күнөөлүү болот.

2 Ким таза эмес бир нерсеге, адал эмес жаныбардын, же адал эмес малдын, же адал эмес сойлоочу жаныбардын өлүгүнө билбей тийип алса, ал билбегенине карабастан таза эмес жана айыптуу болуп калат.

3 Ким адамдын булгай турган кандайдыр бир таза эмес нерсесине билбей тийип алса, бирок аны кийин билсе, ал кийин билгенине карабастан айыптуу болуп калат.

4 Адамдар ойлонбостон ант берип алгандай, ким жаманбы-жакшыбы, кандайдыр бир ишти кылам деп, ойлонбой туруп ант берип, анысын унутуп калса, бирок кийин эстесе, ал кийин эстегенине карабастан айыптуу болуп калат.

5 Ким ушулардын бирин кылып айыптуу болсо, анда ал кылган күнөөсүн мойнуна алып ачык айтсын.

6 Ал кылган күнөөсү үчүн Теңирге арнап курмандыкка майда жандыктан кой же эчки алып келсин, ошондо ыйык кызмат кылуучу аны кылган күнөөсүнөн тазалайт.

7 Эгерде кой алып келе албаса, анда күнөөсүнүн айыбы үчүн Теңирге арнап курмандыкка эки бактек же эки жаш көгүчкөн алып келсин. Бирин күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка, экинчисин бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка алып келсин.

8 Аларды ыйык кызмат кылуучуга алып келсин. Ыйык кызмат кылуучу күнөө үчүн алып келинген биринчи канаттуунун мойнун сындырып койсун, бирок жулуп албасын.

9 Күнөө үчүн чалынган бул курмандыктын канын курмандык чалынуучу жайдын капталына чачсын, ал эми калган канды курмандык чалынуучу жайдын түбүнө сыгып салсын. Бул күнөө үчүн чалынган курмандык болот.

10 Ал эми экинчисин эрежеси боюнча бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка чалсын. Ыйык кызмат кылуучу аны кылган күнөөсүнөн ушинтип тазалайт, ошондо анын күнөөсү кечирилет.

11 Эгерде ал эки бактек же эки жаш көгүчкөн алып келе албаса, анда күнөөсү үчүн курмандыкка эйфанын ондон бир бөлүгүнчөлүк буудай унун алып келсин. Ага зайтун майын куйбасын, ладан да салбасын, анткени бул күнөө үчүн чалынган курмандык болот.

12 Ал аны ыйык кызмат кылуучуга алып келсин. Теңир эсине алышы үчүн, ыйык кызмат кылуучу андан бир ууч толтура алып, курмандык чалынуучу жайда Теңирге арнап өрттөсүн. Бул күнөө үчүн чалынган курмандык болот.

13 Жогоруда айтылгандардын бирин кылып күнөөгө баткан адамды ыйык кызмат кылуучу күнөөсүнөн ушинтип тазалайт, ошондо анын күнөөсү кечирилет. Ал эми артып калганы нан курмандыгы сыяктуу эле ыйык кызмат кылуучуга тиешелүү"».

14 Теңир Мусага дагы мындай деп айтты:

15 «Ким кылмыш кылса жана Теңирге арналган нерселерге каршы жаңылыштык менен күнөө кылса, анда ал айыбы үчүн Теңирге арнап майда малдан кемчилиги жок кочкор алып келсин. Сен ал кочкорду ыйык шекел болгон күмүш шекел менен баала. Бул айып үчүн чалынган курмандык болот.

16 Ал Теңирдин кайсы ыйык нерсесине каршы күнөө кылса, ошону төлөп берсин. Анын баасына баасынын бештен бир бөлүгүн кошуп, ыйык кызмат кылуучуга берсин. Аны ыйык кызмат кылуучу кылган күнөөсүнөн айып үчүн чалынуучу курмандыкка кочкорду чалуу менен тазалайт, ошондо анын күнөөсү кечирилет.

17 Ким күнөө кылса жана Теңирдин осуяттарынын бирин бузуп, кылууга болбой турган бир иш кылса, билбестиктен күнөөлүү болуп, мойнунда күнөөсү болсо,

18 анда ал айып үчүн чалынуучу курмандыкка ыйык кызмат кылуучу баалаган кемчилиги жок кочкорду алып келсин. Ыйык кызмат кылуучу аны билбей кылган күнөөсүнөн ушинтип тазалайт, ошондо анын күнөөсү кечирилет.

19 Бул курмандык Теңирдин алдындагы айып үчүн чалынган курмандык болот».

**6-БӨЛҮМ**

1 Теңир Мусага дагы мындай деп айтты:

2 «Ким Теңирдин алдында күнөө кетирсе, кылмыш кылса, өз жакынынын сактап турууга берген нерсесин бербей танып кетсе, же бирөөнүн буюмун менчиктеп алса, же уурдап алса, же жакынын алдап кетсе,

3 же бирөөнүн жоголгон буюмун таап алып унчукпай койсо, адамдар калп айтып карганып күнөөгө баткандай, калп айтып карганса,

4 анда ал күнөө кылып айыптуу болгондуктан, уурдап алганын, же менчиктеп алганын, же сактап турууга берилген нерсени, же таап алган нерсесин кайтарып берсин.

5 Эгерде ал бирөөнүн бир нерсеси жөнүндө калп айтып карганса, аны толугу менен кайтарып берсин. Айып үчүн чалынуучу курмандыгын алып келген күнү анын баасына баасынын бештен бир бөлүгүн кошуп, ээсине кайтарып берсин.

6 Ал сенин баалаганың боюнча, айып үчүн чалынуучу курмандыкка койлордун ичинен кемчилиги жок кочкорду Теңирге арнап ыйык кызмат кылуучуга алып келсин.

7 Ыйык кызмат кылуучу аны Теңирдин алдында күнөөдөн тазалайт, ошондо ал кандай гана күнөө кылып айыптуу болбосун, бардыгы кечирилет».

**Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык жөнүндө мыйзам**

8 Анан Теңир Мусага дагы мындай деп айтты:

9 «Арун менен анын уулдарына бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык жөнүндө төмөнкүдөй мыйзамды бер: "Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык курмандык өрттөлүүчү жайда түнү бою калсын, курмандык чалынуучу жайдагы от түнү бою күйүп турсун.

10 Ыйык кызмат кылуучу зыгыр буласынан токулган сырт кийими менен зыгыр буласынан токулган ич кийимин кийип, курмандык чалынуучу жайда бүтүндөй өрттөлгөн курмандыктан калган күлдү чыгарып алып, курмандык чалынуучу жайдын жанына койсун.

11 Анан үстүндөгү кийимдерин чечип, башка кийимдерди кийип, күлдү стандын сыртындагы таза жерге алып чыксын.

12 Курмандык чалынуучу жайдагы от болсо өчпөстөн күйүп турсун. Ыйык кызмат кылуучу ага ар күнү эртең менен отун жагып, анын үстүнө бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты коюп, анын үстүнө тынчтык курмандыгынын майын коюп өрттөп турсун.

13 Курмандык чалынуучу жайда от дайыма күйүп турсун, өчпөсүн.

**Нан курмандыгы жөнүндө мыйзам**

14 Нан курмандыгы жөнүндөгү мыйзам мындай: Аруңдун уулдары аларды Теңирдин алдында курмандык чалынуучу жайга алып келишсин.

15 Анан ыйык кызмат кылуучу нан курмандыктарынын ичинен зайтун майы кошулган, үстүнө ладан салынган буудай унунан бир ууч алып, жыпар жыттуу зат түтөтүлүүчү жайда өрттөсүн. Бул курмандык – Теңир эсине алышы үчүн өрттөлгөн, жыты Теңирге жаккан курмандык.

16 Нан курмандыгынын калганын Арун менен анын уулдары жесин. Алар ачыткысыз нанды ыйык жайда, жыйын чатырынын короосунда жешсин.

17 Ал ачыткы кошулбай бышырылсын. Мен муну Мага арналган курмандыктардын ичинен аларга үлүш кылып бердим. Бул – күнөө үчүн жана айып үчүн чалынган курмандык сыяктуу эле эң ыйык курмандык.

18 Аны Арун тукумунун эркек аттууларынын баары жесе болот. Теңирдин курмандыктарынын ичинен бул силердин тукумуңардын түбөлүк үлүшү болсун. Ага тийгендин баары ыйык болуп калат"».

19 Анан Теңир Мусага дагы мындай деп айтты:

20 «Аруңдун жана анын уулдарынын ыйык кызматка майланган күнү Теңирге алып келе турган курмандыгы бул: дайыма алып келинүүчү эйфанын ондон бир бөлүгүнчөлүк буудай уну. Анын жарымын эртең менен, жарымын кечинде алып келишсин.

21 Ал зайтун майы кошулуп көмөч казанга бышырылсын. Сындырып-сындырып алып келген нан курмандыгындай кылып, аны да сындырып-сындырып, үстүнө зайтун майын куюп алып кел. Аны жыты Теңирге жаккан курмандык катары алып кел.

22 Аны Аруңдун уулдарынын ичинен атасынын ордуна дайындалган ыйык кызмат кылуучу чалсын. Бул – Теңирдин түбөлүк мыйзамы. Ал бүт бойдон өрттөлсүн.

23 Ыйык кызмат кылуучу алып келген бардык нан курмандыктары желбестен, бүт бойдон өрттөлсүн».

**Күнөө үчүн чалынуучу курмандык жөнүндө мыйзам**

24 Теңир Мусага дагы мындай деп айтты:

25 «Арун менен анын уулдарына күнөө үчүн чалынуучу курмандык жөнүндөгү мыйзам мындай деп айт: “Күнөө үчүн чалынуучу курмандык Теңирдин алдында, бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктар союла турган жерде союлсун. Бул – эң ыйык нерсе.

26 Аны күнөө үчүн чалынуучу курмандыкты чалып жаткан ыйык кызмат кылуучу жесин. Ал ыйык жерде, жыйын чатырынын короосунда желсин.

27 Анын этине тийгендин баары ыйык болуп калат. Эгерде анын каны кийимге чачыраса, анда кан чачыраган кийимди ыйык жерде жуу.

28 Ал бышырылган чопо идишти талкалап сал. Эгерде ал жез идиште бышырылса, анда аны тазалап, суу менен жуу.

29 Аны ыйык кызмат кылуучулар тукумунун эркек аттууларынын баары жесе болот. Бул – эң ыйык нерсе.

30 Күнөө үчүн чалынуучу курмандыктын каны ыйык жайды ыйыкташ үчүн, жыйын чатырына киргизилсе, анда ал курмандык желбесин. Ал отко өрттөлсүн.

**7-БӨЛҮМ**

**Айып үчүн чалынуучу курмандык жөнүндө мыйзам**

1 Айып үчүн чалынуучу курмандык жөнүндөгү мыйзам мындай: бул – эң ыйык нерсе.

2 Айып үчүн чалынуучу курмандык бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык союлуучу жерде союлсун, анын канын курмандык чалынуучу жайдын ар тарабына чачып чыгыш керек.

3 Курмандыкты алып келген адам анын майынын баарын: куйрук майын, карын майын,

4 карчыганын астындагы эки бөйрөгү менен бөйрөк майын, бөйрөгү менен кошо боор майын бөлүп алып келсин.

5 Мунун баарын ыйык кызмат кылуучу Теңирге арнап курмандык чалынуучу жайда өрттөсүн. Бул айып үчүн чалынган курмандык болот.

6 Аны ыйык кызмат кылуучулар уруусунун эркек аттууларынын баары жесе болот. Ал ыйык жерде желсин. Бул – эң ыйык нерсе.

7 Күнөө үчүн чалынуучу курмандык менен айып үчүн чалынуучу курмандыктын мыйзамы бир. Бул курмандык күнөөдөн тазалаган ыйык кызмат кылуучуга тиешелүү.

8 Ыйык кызмат кылуучу бирөөнүн бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыгын өрттөсө, ал өрттөгөн бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктын териси ага тиешелүү.

9 Тандырга, карапага же көмөч казанга бышырылган нан курмандыктарынын баары аларды Теңирдин алдына алып келген ыйык кызмат кылуучуга тиешелүү.

10 Нан курмандыктарынын зайтун майы кошулганы да, кошулбаганы да Арундун уулдарынын баарына тиешелүү.

**Тынчтык курмандыгы жөнүндө мыйзам**

11 Теңирге арнап алып келген тынчтык курмандыгы жөнүндөгү мыйзам мындай:

12 Ким курмандыкты ыраазычылык билдирүү үчүн алып келсе, анда ал ыраазычылык билдирүү курмандыгына зайтун майы кошулган ачыткысыз нандарды, ачыткы кошулбай бышырылган, үстүнө зайтун майы сыйпалган токочторду, зайтун майы сиңирилген буудай унун, зайтун майы кошулган нандарды алып келсин.

13 Ал ыраазычылык билдирүү үчүн алып келген тынчтык курмандыгын алып келгенде, токочтордон сырткары ачыткы кошулган нан алып келсин.

14 Бардык курмандыктардын ичинен бирөөнү ал Теңирдин алдында өйдө көтөрсүн. Бул курмандык тынчтык курмандыгынын канын чачкан ыйык кызмат кылуучуга тиешелүү.

15 Ыраазычылык билдирип алып келген тынчтык курмандыгынын эти ошол эле күнү желсин. Андан эртең мененкиге калбасын.

16 Ким Теңирге арнап убада боюнча же өз каалоосу боюнча курмандык алып келсе, анда ал курмандык алып келген күнү желсин, артып калганын эртеси күнү жесе болот.

17 Ал эми курмандыктын үчүнчү күнгө калган эти өрттөлсүн.

18 Эгерде тынчтык курмандыгынын эти үчүнчү күнү желе турган болсо, бул Кудай үчүн жагымсыз. Анын алып келгени эсепке алынбайт. Ал таза эмес болуп эсептелет, ким аны жесе, ал күнөөлүү болот.

19 Эгерде бул эт таза эмес бир нерсеге тийип кетсе, анда ал желбестен, өрттөлсүн. Ал эми таза этти ар бир таза адам жесе болот.

20 Ким таза эмес болуп турганда Теңирге арналган тынчтык курмандыгынын этин жесе, анда ал адам өз элинин арасынан жок кылынсын.

21 Ким таза эмес нерселерге: адамдын таза эмес нерсесине, же таза эмес малга, же таза эмес сойлоочу жаныбарга тийип, анан Теңирге арналган тынчтык курмандыгынын этинен жесе, анда ал адам өз элинин арасынан жок кылынсын”».

22 Теңир Мусага дагы мындай деп айтты:

23 «Ысрайыл уулдарына мындай деп айт: “Өгүздүн да, койдун да, эчкинин да майын жебегиле.

24 Өлгөн малдын же жырткыч жара тарткан малдын майын ар кандай нерсеге пайдаланса болот, бирок жегенге болбойт.

25 Ким Теңирге курмандыкка алып келинген малдын майын жесе, ал өз элинин арасынан жок кылынсын.

26 Кайсы жерде жашасаңар да, эч кандай канаттуунун, эч кандай малдын канын жебегиле.

27 Ким кайсы бир жандыктын канын жесе, анда ал адам өз элинин арасынан жок кылынсын”».

28 Теңир Мусага дагы мындай деп айтты:

29 «Ысрайыл уулдарына мындай деп айт: "Ким Теңирге тынчтык курмандыгын алып келсе, анда ал тынчтык курмандыгынын тиешелүү бөлүгүн Теңирге өзү алып келсин.

30 Ал курмандыкты Теңирге өз колу менен алып келүүгө тийиш. Ал курмандыктын майы менен төшүн Теңирдин алдында силкилдетсин.

31 Майын ыйык кызмат кылуучу курмандык чалынуучу жайда өрттөсүн, ал эми төшү Арун менен анын уулдарына тиешелүү.

32 Тынчтык курмандыгыңардын ичинен курмандыктын оң санын силкилдетиле турган курмандык катары ыйык кызмат кылуучуга бергиле.

33 Арундун уулдарынын ичинен тынчтык курмандыгынын канын курмандык чалынуучу жайга чачкан, майын өрттөгөн уулуна курмандыктын оң саны тиешелүү.

34 Анткени Мен Ысрайыл уулдарынын тынчтык курмандыктарынын ичинен силкилдетиле турган төш менен өйдө көтөрүлө турган оң санды Ысрайыл уулдарынан түбөлүк үлүш катары ыйык кызмат кылуучу Арунга жана анын уулдарына бердим"».

35 Арун менен анын уулдарынын Теңирдин алдында ыйык кызматка чакырылган күндөн баштап, Теңирге арналган курмандыктардын ичинен алган үлүшү ушул.

36 Теңир аларды ыйык кызматка майлаган күндөн баштап, аларга Ысрайыл уулдары алып келген курмандыктардан ушул үлүштү берип турууга буйрук кылган. Бул – алардын укум-тукумуна түбөлүккө калган көрсөтмө.

37 Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык жөнүндө, нан курмандыгы жөнүндө, күнөө үчүн чалынуучу курмандык жөнүндө, айып үчүн чалынуучу курмандык жөнүндө, ыйык кызматка арноо курмандыгы жөнүндө жана тынчтык курмандыгы жөнүндө берилген мыйзамдар ушулар.

38 Теңир Мусага Синай тоосунда берген мыйзамдар ушулар. Ал бул мыйзамдарды Синай чөлүндө Ысрайыл уулдарына Теңирге арнап курмандыктарды алып келүүнү буйруган күнү берген.

**8-БӨЛҮМ**

**Арунду жана анын уулдарын ыйык кызматка дайындоо**

1 Теңир Мусага мындай деп айтты:

2 «Арунду, аны менен бирге анын уулдарын, алардын кийимдерин, майлоочу майды, күнөө үчүн курмандыкка чалына турган букачарды, эки кочкорду, бир себет ачыткысыз нанды алып кел.

3 Бүт жамаатты да жыйын чатырынын эшигинин алдына чогулт».

4 Теңир Мусага кандай буйруса, ал ошондой кылды. Бүт жамаат жыйын чатырынын эшигинин алдына чогулду.

5 Ошондо Муса жамаатка кайрылып, мындай деди: «Теңир мындай кылууну буйруду…»

6 Муса Арунду жана анын уулдарын чакырып, сууга жуунтту.

7 Арунга узун көйнөк кийгизип, белине бел курчоо курчап, анын үстүнөн чапан кийгизди. Анан эфод кийгизип, бел курчоо курчап, эфоддун үстүнөн байлады.

8 Анын үстүнөн төш чөнтөк тагып, анын ичине урим менен тумимди салды.

9 Теңир Мусага буйругандай, анын башына кидар кийгизип, кидардын алды жагына жылмаланган алтын тактайчаны, ыйык таажыны такты.

10 Анан Муса майлоочу майды алып, жыйын чатырын, анын ичинде болгон нерсенин баарын ыйыктады.

11 Анан майлоочу майдан алып, курмандык чалынуучу жайга жети жолу чачып, курмандык чалынуучу жайды жана ага тиешелүү бардык нерселерди, жуунгучту, анын түбүн ыйыкташ үчүн майлады.

12 Анан майлоочу майдан Арундун башына куйду, аны ыйыкташ үчүн майлады.

13 Теңир буйругандай, Муса Арундун уулдарын да чакырып, аларга да узун көйнөк кийгизип, белдерине бел курчоо курчап, баштарына кидар кийгизди.

14 Анан ал күнөө үчүн курмандыкка чалынуучу букачарды алып келди. Арун менен анын уулдары букачардын башына колдорун коюшту.

15 Муса аны союп, канына сөөмөйүн малып, курмандык чалынуучу жайдын төрт тарабындагы мүйүздөргө сыйпап, курмандык чалынуучу жайды ыйыктады. Ал эми калган канды курмандык чалынуучу жайдын түбүнө төктү. Аны таза кылыш үчүн, ошентип ыйыктады.

16 Анан Муса курмандыктын ичиндеги майынын баарын: боор майын, эки бөйрөгүн, алардын майын алып, курмандык чалынуучу жайда өрттөдү.

17 Букачарды, терисин, этин жана кан-жинин, Теңир Мусага буйругандай, стандын сыртына алып чыгып, отко өрттөп жиберди.

18 Анан бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка чалынуучу кочкорду жетелеп келди. Арун менен анын уулдары колдорун кочкордун башына коюшту.

19 Анан Муса аны союп, анын канынан алып, курмандык чалынуучу жайдын ар тарабына чачып чыкты.

20 Анан кочкорду жиликтеп бөлүп, башын, майын, жиликтенген эттерин өрттөдү.

21 Ал эми ичеги-карыны менен шыйрактарын жууп, кочкорду бүт бойдон курмандык чалынуучу жайда өрттөдү. Жыты Теңирге жаккан бүтүндөй өрттөлүүчү бул курмандык – Теңир Мусага буйругандай, Теңирге арналган курмандык.

22 Анан ал ыйык кызматка дайындоодо чалынуучу экинчи кочкорду алып келди. Арун жана анын уулдары колдорун кочкордун башына коюшту.

23 Муса аны союп, канынан алып, Арундун оң кулагынын көнчөгүнө, оң колунун бармагына жана оң бутунун бармагына сыйпады.

24 Ал Арундун уулдарын да чакырып алып, алардын оң кулактарынын көнчөгүнө, оң колдорунун бармактарына, оң буттарынын бармактарына сыйпады. Анан канды курмандык чалынуучу жайдын ар тарабына чачып чыкты.

25 Анан анын майын, куйрук майын, бүт ич майын, боор майын, эки бөйрөгүн, алардын майын, оң санын алды.

26 Анан Теңирдин алдында турган себеттеги ачыткысыз нандан бирди, зайтун майы кошулган нандан бирди жана токочтон бирди алып, аларды май менен оң сандын үстүнө койду.

27 Муса мунун баарын Арундун жана анын уулдарынын колдоруна берди. Алар аны Теңирдин алдында силкилдетишти.

28 Анан Муса буларды алардын колдорунан алып, курмандык бүтүндөй өрттөлүүчү жайда өрттөдү. Бул курмандык – ыйык кызматка дайындоого арналган, жыты Теңирге жаккан курмандык.

29 Муса төштү алып, Теңирдин алдында силкилдетти. Теңир Мусага буйругандай, ыйык кызматка дайындоодо курмандыкка чалынган кочкордон Мусага тийген үлүш ушул.

30 Анан Муса майлоочу майдан жана курмандык чалынуучу жайдагы кандан алып, Арунга жана анын кийимдерине, анын уулдарына жана алардын кийимдерине чачты. Арунду жана анын кийимдерин, анын уулдарын жана алардын кийимдерин ушинтип ыйыктады.

31 Анан Муса Арунга жана анын уулдарына мындай деди: «Этин жыйын чатырынын эшигинин алдына бышыргыла, ыйык кызматка дайындоого арналган себеттеги нан менен кошо аны ошол жерде жегиле. Мага “Аны Арун жана анын уулдары жесин” деген буйрук берилген.

32 Ал эми эт менен нандын артып калганын өрттөгүлө.

33 Силерди ыйык кызматка дайындоо күндөрү бүткөнгө чейин, жети күн жыйын чатырынын эшигинин алдынан кетпегиле, анткени силерди ыйык кызматка дайындоо мөөнөтү жети күнгө созулат.

34 Силердин тазаланууңар бүгүнкүдөй болушу керек, Теңир ошондой буйруган.

35 Жыйын чатырынын эшигинин алдында жети күн бою күнү-түнү тургула, өлүп калбашыңар үчүн, Теңирдин алдында сак тургула, анткени мага Кудай-Теңирден ушундай буйрук болгон».

36 Теңир Муса аркылуу эмне буйруса, Арун жана анын уулдары ошонун баарын аткарышты.

**9-БӨЛҮМ**

**Арундун курмандыктарды чалуусу**

1 Сегизинчи күнү Муса Арунду, анын уулдарын жана Ысрайыл аксакалдарын чакырып алып,

2 Арунга мындай деди: «Күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка бодо малдын ичинен бир букачар, бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка бир кочкор алып келип, Теңирдин алдына кой, экөө тең кемчилиги жок болсун.

3 Анан Ысрайыл уулдарына мындай де: “Күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка бир теке, бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка кемчилиги жок букачар жана бир жылдык козу алып келгиле.

4 Теңирдин алдында курмандык чалуу үчүн, тынчтык курмандыгына бир өгүз, бир кочкор, нан курмандыгына зайтун майы кошулган нандарды алып келгиле, анткени бүгүн силерге Теңир келет”».

5 Ошондо алар Муса буйругандын баарын жыйын чатырынын алдына алып келишти. Бүт жамаат келип, Теңирдин алдында турду.

6 Ошондо Муса аларга: «Теңир буйругандай кылсаңар, силерге Теңирдин даңкы келет», – деди.

7 Анан Муса Арунга мындай деди: «Теңир буйругандай, курмандык чалынуучу жайга чыгып, күнөө үчүн чалынуучу жана бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыгыңды чалып, өзүңдү да, элиңди да күнөөдөн тазала, элдин алып келген курмандыктарын да чалып, бардыгын күнөөдөн тазала».

8 Ошондо Арун курмандык чалынуучу жайга келип, күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка өзү үчүн букачар сойду.

9 Арундун уулдары ага анын канын алып келишти. Ал сөөмөйүн канга малып, курмандык чалынуучу жайдын мүйүздөрүнө сыйпады, ал эми калган канды курмандык чалынуучу жайдын түбүнө төктү.

10 Ал эми күнөө үчүн чалынган курмандыктын майын, бөйрөктөрүн жана боор майын, Теңир Мусага буйругандай кылып, курмандык чалынуучу жайда өрттөдү.

11 Эти менен терисин стандын сыртына алып чыгып өрттөп жиберди.

12 Анан бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты мууздады. Арундун уулдары ага курмандыктын канын алып келишти. Ал канды курмандык чалынуучу жайдын ар тарабына чачып чыкты.

13 Анан ага бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктын жиликтеп бөлүнгөн эттерин, башын алып келишти. Ал аларды курмандык чалынуучу жайда өрттөдү.

14 Ал эми ичеги-карыны менен шыйрактарын сууга жууп, бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык менен кошо курмандык чалынуучу жайда өрттөдү.

15 Анан эл алып келген курмандыкты – күнөө үчүн алып келген текени сойду. Аны мурунку курмандыктай кылып, күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка чалды.

16 Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты да өзүнүн эрежеси боюнча курмандыкка чалды.

17 Анан нан курмандыктарынан колдоруна толтуруп алып келип, эртең менен өрттөлүүчү бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктын үстүнө кошуп өрттөдү.

18 Анан тынчтык курмандыгына эл алып келген өгүз менен кочкорду чалды. Арундун уулдары алардын канын алып келишти. Арун канды курмандык чалынуучу жайдын ар тарабына чачып чыкты.

19 Өгүздүн майын, кочкордун куйрук майын, карын майын, бөйрөктөрүн, боор майын алып келип,

20 төштүн үстүнө коюшту. Анан Арун ал майларды курмандык чалынуучу жайда өрттөдү.

21 Теңир Мусага буйругандай кылып, Арун төш менен оң санды Теңирдин алдында силкилдетти.

22 Анан Арун колун жайып, элге кайрылып, аларга батасын берди. Күнөө үчүн чалынуучу курмандыкты, бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты жана тынчтык курмандыгын чалып, курмандык чалынуучу жайдан түштү.

23 Муса менен Арун жыйын чатырына киришти. Анан сыртка чыгып, элге бата беришти. Ошондо бүт элге Теңирдин даңкы көрүндү.

24 Теңирден от түшүп, курмандык чалынуучу жайдын үстүндөгү бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык менен майды өрттөп кетти. Муну бардык эл көргөндө, кубанганынан кыйкырып, жүзтөмөндөп жыгылды.

## 10-БӨЛҮМ

### Надап менен Абыйуттун күнөөсү

1 Аруундун уулдары Надап менен Абыйут жыпар жыттуу зат түтөтүлүүчү идиштерин алып, аларга от салып, түтөтүлүүчү зат салып, Теңирдин алдына Ал буйрубаган башка от алып келишти.

2 Ошондо Теңирден от түшүп, аларды өрттөп жиберди. Алар Теңирдин алдында өлүштү.

3 Муса Арунга: «Теңир: "Мен Өзүмө жакындагандардын арасында Өзүмдүн ыйыктыгымды көрсөтөм, бардык элдин алдында даңкталам", – деп айткан», – деди. Арун унчуккан жок.

4 Анан Муса Арундун агасы Узиелдин уулдары Мишаел менен Элсапанды чакырып, аларга: «Барып, бир туугандарыңарды ыйык жайдан стандын сыртына алып чыккыла», – деди.

5 Алар барып, узун көйнөк кийген Надап менен Абыйутту, Муса буйругандай, стандын сыртына алып чыгышты.

6 Муса Арунга жана анын уулдары Элазар менен Итамарга мындай деди: «Өлүп калбайын десеңер, Теңирдин каары жамаатка төгүлбөсүн десеңер, баш кийимиңерди чечпегиле, кийимиңерди айрыбагыла, бирок бир туугандарыңар, бүткүл Ысрайыл эли, Теңир өрттөп жибергендерди жоктоп ыйласа болот.

7 Өлүп калбайын десеңер, жыйын чатырынын эшигинин алдынан кетпегиле, анткени силер Теңирдин майлоочу майы менен майлангансыңар». Алар Мусанын айтканын кылышты.

### Ыйык кызмат кылуучуларга берилген көрсөтмөлөр

8 Теңир Арунга дагы мындай деп айтты:

9 «Өлүп калбайын десеңер, жыйын чатырына киргенде, өзүң да, уулдарың да шарап менен күчтүү ичимдикти ичпегиле. Бул силердин укум-тукумуңарга түбөлүккө калган көрсөтмө болсун.

10 Силер ыйыкты ыйык эместен, тазаны таза эместен айырмалай билишиңер керек.

11 Теңир Муса аркылуу айткан мыйзамдардын баарын Ысрайыл уулдарына үйрөтүшүңөр керек».

12 Анан Муса Арунга жана анын тирүү калган уулдары Элазар менен Итамарга мындай деди: «Теңирге алып келинген нан курмандыктардын калганын алып, ачыткысыз нанды курмандык чалынуучу жайдын жанында жегиле, анткени бул – эң ыйык курмандык.

13 Аларды ыйык жайда жегиле, анткени ал – Теңирге арналган курмандыктардын ичинен сага жана уулдарыңа тийген үлүш. Теңир мага ушундай буйруган.

14 Силкилдетилген төш менен өйдө көтөрүлгөн санды таза жерде уулдарың, кыздарың болуп чогуу жегиле, анткени бул – Ысрайыл уулдарынын тынчтык курмандыктарынын ичинен сага жана уулдарыңа тийген үлүш.

15 Өйдө көтөрүлө турган сан менен силкилдетиле турган төштү курмандыктардын майы менен кошо Теңирдин алдында силкилдеткиле. Теңир буйругандай, бул сенин жана сенин уулдарыңдын түбөлүк үлүшү болсун».

16 Анан Муса күнөө үчүн чалынуучу текени издесе, ал өрттөлүп кетиптир. Ошондо ал Арундун тирүү калган уулдары Элазар менен Итамарга ачууланып, мындай деди:

17 «Эмне үчүн силер күнөө үчүн чалынган курмандыкты ыйык жерде жеген жоксуңар? Ал эң ыйык курмандык болчу, Теңир аны силерге жамаатты күнөөдөн арылтуу үчүн жана аларды Теңирдин алдында тазалоо үчүн берген.

18 Курмандыктын каны да ыйык жайга киргизилбептир. Силер курмандыкты мен буйругандай, ыйык жайда жешиңер керек эле».

19 Арун Мусага: «Алар бүгүн күнөө үчүн чалынуучу курмандык менен бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты Теңирдин алдына алып келишти, менин башыма болсо ушундай кайгы түштү. Анан күнөө үчүн чалынуучу курмандыкты бүгүн жегеним Теңирге жакмак беле?» – деп жооп берди.

20 Ошондо Муса анын айткандарына макул болду.

**11-БӨЛҮМ**

**Арам жана адал жаныбарлар жөнүндө**

1 Теңир Муса менен Арунга мындай деп айтты:

2 «Ысрайыл уулдарына мындай деп айткыла: “Жер үстүндөгү жаныбарлардын ичинен силер мына бул жаныбарларды жесеңер болот:

3 ача туяктуу, ачасы терең, кепшеген жаныбарды жесеңер болот.

4 Бирок ача туяктуу, кепшеген жаныбарлардын ичинен мына бул жаныбарларды жебегиле: төө, анткени ал кепшейт, бирок ача туяктуу эмес. Ал силер үчүн арам.

5 Кош аяк, анткени ал кепшегени менен, ача туяктуу эмес. Ал силер үчүн арам.

6 Коён, анткени ал кепшейт, бирок ача туяктуу эмес. Ал силер үчүн арам.

7 Чочко, анткени ал ача туяктуу, туягынын ачасы терең, бирок кепшебейт. Ал силер үчүн арам.

8 Алардын этин жебегиле, алардын өлүгүнө тийбегиле. Алар силер үчүн арам.

9 Суудагы жаныбарлардын ичинен мына бул жаныбарларды жесеңер болот: деңиздерде жана дарыяларда жашаган жаныбарлардын ичинен сүзө турган канаты бар, кабырчыгы бар жаныбарларды жесеңер болот.

10 Ал эми деңиздерде жана дарыяларда жашаган жаныбарлардын ичинен, сууда сүзгөн жана сууда жашаган сойлоочу жаныбарлардын ичинен, жерде-сууда жашаган жаныбарлардын ичинен сүзө турган канаты, кабырчыгы жоктору силер үчүн арам.

11 Алар силер үчүн арам болуп эсептелсин. Алардын этин жебегиле, алардын өлүгүнөн жийиркенгиле.

12 Сууда жашаган жаныбарлардын ичинен сүзө турган канаты, кабырчыгы жокторунун баары силер үчүн арам.

13 Канаттуулардын ичинен мына бул канаттууларды жебегиле: бүркүт, жору, суу бүркүт,

14 кулаалы, шумкар жана анын түрлөрү,

15 карга жана анын түрлөрү,

16 төө куш, жапалак үкү, чардак, туйгун жана анын түрлөрү,

17 үкү, балыкчы куш жана ибис,

18 ак куу, биргазан жана ак кажыр,

19 ак кытан, илегилек жана анын түрлөрү, сасык үпүп жана жарганат.

20 Учуучу, төрт аяктуу курт-кумурскалар силер үчүн арам.

21 Учуучу, төрт аяктуу курт-кумурскалардын ичинен жерде секирип жүрө турган узун шыйрактууларды гана жесеңер болот.

22 Алардын ичинен: келгин чегирткесинин, талаа чегирткесинин, дарак чегирткесинин жана кармооч чегирткесинин бардык түрлөрүн жесеңер болот.

23 Булардан башка төрт аяктуу, учуучу курт-кумурскалар силер үчүн арам.

24 Алар аркылуу силер таза эмес болуп каласыңар, ким алардын өлүгүнө тийип алса, ал кечке чейин таза эмес болот.

25 Ким алардын өлүгүн көтөрсө, кийимдерин жуусун, ал кечке чейин таза эмес болот.

26 Ача туяктуу, бирок ачасы терең болбогон жана кепшебеген мал силер үчүн арам. Ким ага тийсе, ал таза эмес болот.

27 Төрт аяктуу айбанаттардын ичинен таманы менен баскандары силер үчүн арам. Ким алардын өлүгүнө тийип алса, ал кечке чейин таза эмес болот.

28 Ким алардын өлүгүн көтөрсө, кийимдерин жуусун, ал кечке чейин таза эмес болот. Алар силер үчүн арам.

29 Жерде жашаган майда жаныбарлардын ичинен силер үчүн арам болуп эсептелгендери мына булар: момолой чычкан, чычкан, кескелдирик жана анын түрлөрү,

30 кирпи, чүткөр, таш бака, үлүл жана хамелеон.

31 Жерде жашаган майда жаныбарлардын ичинен мына ушулар силер үчүн арам. Ким алардын өлүгүнө тийип алса, ал кечке чейин таза эмес болот.

32 Алардын кайсы биринин өлүгү бир нерсеге: жыгач идишке болобу, кийимге болобу, териге, же капка, же ишке колдонулуучу ар кандай буюмга болобу, түшүп кетсе, ал таза эмес болуп калат. Аларды сууга салып коюш керек, кечке чейин таза эмес болот, андан кийин таза болот.

33 Эгерде алардын кайсы биринин өлүгү чопо идишке түшүп кетсе, анда ал идиштин ичиндеги нерсе таза эмес болуп калат, идиштин өзүн талкалап салгыла.

34 Андай идиштеги суу силер жей турган тамакка кошулуп кетсе, ал тамак таза эмес болуп калат, ал идишке куюлган суусундуктун баары таза эмес болуп калат.

35 Алардын өлүгүнөн бир нерсенин үстүнө түшүп калса, алардын баары таза эмес болуп калат. Меш болобу, очок болобу, аларды бузуп салыш керек, алар таза эмес. Алар силер үчүн да таза эмес болуп эсептелсин.

36 Бирок суусу бар булак менен кудук гана таза бойдон калат. Ал эми ким алардын өлүгүнө тийсе, ал таза эмес болот.

37 Эгерде алардын өлүгүнөн бир нерсе себиле турган үрөнгө түшүп калса, ал таза бойдон калат.

38 Эгерде себиле турган үрөнгө суу куюлуп калгандан кийин, алардын өлүгүнөн бир нерсе түшүп калса, анда ал силер үчүн таза эмес болуп калат.

39 Эгерде силер жей турган кайсы бир мал өлүп калып, ким анын өлүгүнө тийсе, ал кечке чейин таза эмес болот.

40 Ким анын өлүгүн жесе, кийимдерин жуусун, ал кечке чейин таза эмес болот. Ким анын өлүгүн көтөрсө, кийимдерин жуусун, ал кечке чейин таза эмес болот.

41 Сойлоочу жаныбарлардын баары силер үчүн арам, аларды жебегиле.

42 Жер бетинде сойлоп жүрүүчү жаныбарлардын ичинен боору менен жылуучу, төрт аяктуу, көп аяктуу жаныбарларды жебегиле, анткени алар арам.

43 Өзүңөрдү жер бетинде сойлоп жүрүүчү эч бир арам жаныбар менен булгабагыла. Алар аркылуу таза эмес болуп калбашыңар үчүн, өзүңөрдү алар менен булгабагыла.

44 Анткени силердин Кудай-Теңириңер Менмин, ыйыкталып, ыйык болгула, анткени Мен ыйыкмын. Өзүңөрдү кандайдыр бир сойлоочу жаныбар менен булгабагыла.

45 Анткени силердин Кудайыңар болуш үчүн, силерди Мисир жеринен алып чыккан Теңириңер Менмин. Ошондуктан ыйык болгула, анткени Мен ыйыкмын.

46 Малдар, жаныбарлар, канаттуулар, сууда жашоочулар, жерде сойлоочулар жөнүндөгү мыйзам ушул.

47 Тазаны таза эместен, жегенге болгон жаныбарларды жегенге болбогон жаныбарлардан ажыратыш үчүн берилген мыйзам ушул”».

## 12-БӨЛҮМ

### Бала төрөгөн аял жөнүндө мыйзам

1 Теңир Мусага мындай деп айтты:

2 «Ысрайыл уулдарына мындай деп айт: “Эгерде аялдын боюна бүтүп, эркек бала төрөсө, анда ал жети күн таза эмес болот. Ал айызы келип жаткан убагындагыдай эле таза эмес болуп эсептелет.

3 Сегизинчи күнү бала сүннөткө отургузулсун.

4 Ал аял канынан тазаланыш үчүн, отуз үч күн үйүндө отурсун. Эч бир ыйык нерсеге колун тийгизбесин, тазалануу күндөрү бүтмөйүнчө, аял ыйык жайга келбесин.

5 Эгерде аял кыз төрөсө, анда ал эки жума таза эмес болот, канынан тазаланып бүтмөйүнчө, алтымыш алты күн үйүндө отурсун.

6 Эркек же кыз төрөгөн аял тазаланып бүткөндөн кийин, бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка бир жылдык козуну, күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка жаш көгүчкөндү же бир бактекти жыйын чатырынын эшигинин алдына, ыйык кызмат кылуучуга алып келсин.

7 Ыйык кызмат кылуучу аны Теңирдин алдына алып келип, аялды күнөөдөн тазалайт, ошондо аял аккан канынан тазаланат. Эркек же кыз төрөгөн аял жөнүндөгү мыйзам ушул.

8 Эгерде аялдын козуга алы келбесе, анда эки бактек же эки жаш көгүчкөн алып келсин. Бирин бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка, экинчисин күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка алып келсин. Анан ыйык кызмат кылуучу аялды күнөөдөн тазалайт, ошондо аял таза болот”».

**13-БӨЛҮМ**

**Пес оорулуулар жөнүндө мыйзам**

1 Теңир Муса менен Арунга мындай деп айтты:

2 «Эгерде кимдир бирөөнүн денесине шишик, же темиратку, же так пайда болуп, ал пес оорусунун жарасына окшошо баштаса, анда аны ыйык кызмат кылуучу Арунга же анын ыйык кызмат кылуучу уулдарынын бирине алып келишсин.

3 Ыйык кызмат кылуучу анын денесиндеги жараны карап көрөт. Эгерде жаранын түгү агарып кетсе, жара денеге тереңдеп баратса, анда ал – пес оорусунун жарасы. Ыйык кызмат кылуучу аны карап көрүп, таза эмес деп жарыялайт.

4 Ал эми анын денесине ак так түшүп, бирок тагы денеге тереңдеп кетпеген болсо, тактын түгү агарып кетпеген болсо, анда ыйык кызмат кылуучу тагы бар адамды жети күн обочо камайт.

5 Жетинчи күнү ыйык кызмат кылуучу аны карап көрөт. Эгерде жара эч өзгөрүлбөсө, денеге тарап кетпеген болсо, анда ыйык кызмат кылуучу аны дагы жети күн обочо камайт.

6 Жетинчи күнү ыйык кызмат кылуучу аны дагы карап көрөт. Эгерде жара анча билинбесе, денеге жайылып кетпеген болсо, анда ыйык кызмат кылуучу аны таза деп жарыялайт. Бул – темиратку, ал өз кийимин жууп алсын, ошондо таза болуп калат.

7 Эгерде ал ыйык кызмат кылуучуга көрүнүп, таза деп эсептелсе, бирок темиратку денеге жайыла баштаса, анда ал экинчи жолу ыйык кызмат кылуучуга келсин.

8 Ыйык кызмат кылуучу темираткунун денеге жайылып баратканын көрүп, аны таза эмес деп жарыялайт. Бул – пес оорусу.

9 Кимде пес оорусунун жарасы болсо, ал ыйык кызмат кылуучуга келсин.

10 Ыйык кызмат кылуучу аны карап көрөт. Эгерде денедеги шишик ак болсо, түгү агарып кетсе, шишик кызыл эт болуп турса,

11 анда бул анын денесиндеги эски пес оору экенин билдирет. Ошондо ыйык кызмат кылуучу аны таза эмес деп жарыялап, каматып коёт, анткени ал таза эмес.

12 Эгерде пес оору бүт денеге жайылып, оорулууну башынан бутуна чейин каптап кетсе, ыйык кызмат кылуучу караган жердин баары агарып турса,

13 ыйык кызмат кылуучу пес оорусу анын бүт денесин каптап калганын көрсө, анда ал оорулууну таза деп жарыялайт, анткени баары агарып кеткен, ал таза.

14 Ал эми анын денеси кызыл эт болуп турса, анда ал таза эмес.

15 Ыйык кызмат кылуучу кызыл этти көрүп, аны таза эмес деп жарыялайт. Кызыл эт таза эмес болуп эсептелет. Бул – пес оорусу.

16 Эгерде кызыл эт өзгөрүп, агарып кетсе, анда ал ыйык кызмат кылуучуга келсин.

17 Ыйык кызмат кылуучу аны карап көрөт. Эгерде жара агарып кетсе, ыйык кызмат кылуучу аны таза деп жарыялайт, ал таза.

18 Кимдин денесине жара чыгып, анан айыгып калса,

19 анан жаранын ордуна ак шишик, же ак, же кызыл так пайда болсо, анда ал ыйык кызмат кылуучуга келсин.

20 Ыйык кызмат кылуучу аны карап көрөт. Эгерде так денеге тереңдеп кетсе, тактын түгү агарып кетсе, анда ыйык кызмат кылуучу аны таза эмес деп жарыялайт. Бул – жарадан ырбап кеткен пес оорусунун жарасы.

21 Эгерде ыйык кызмат кылуучу тактын түгү ак эмес экенин жана жара тереңдеп кетпегенин көрсө, жара анча билинбесе, анда ал аны жети күн камап коёт.

22 Эгерде жара бүт денеге жайылып кетсе, анда ыйык кызмат кылуучу аны таза эмес деп жарыялайт. Бул – жара.

23 Эгерде жара жайылбай, өз ордунда турса, анда ал – ириңдеп кеткен жара, ыйык кызмат кылуучу аны таза деп жарыялайт.

24 Эгерде бирөө денесин күйгүзүп алса, күйүктөн айыккан жеринде кызыл же ак так пайда болсо,

25 ыйык кызмат кылуучу тактын түгү агарып калганын, тактын тереңдеп кеткенин көрсө, анда ал – пес оорусу, ал күйүктөн ырбап кеткен. Ыйык кызмат кылуучу аны таза эмес деп жарыялайт, бул – пес оорусунун жарасы.

26 Эгерде ыйык кызмат кылуучу тактын түгү ак эмес экенин, так денеге тереңдеп кетпегенин көрсө, анча билинбесе, анда ыйык кызмат кылуучу аны жети күн камап коёт.

27 Жетинчи күнү ыйык кызмат кылуучу аны карап көрөт. Эгерде ал денеге аябай жайылып кеткен болсо, анда ыйык кызмат кылуучу аны таза эмес деп жарыялайт. Бул – пес оорусунун жарасы.

28 Эгерде так денеге жайылбай, өз ордунда турса жана анча билинбесе, анда ал – күйүктөн болгон шишик. Ыйык кызмат кылуучу аны таза деп жарыялайт, анткени бул – күйүктөн болгон жара.

29 Эгерде эркектин же аялдын башына же ээгине жара чыкса,

30 ыйык кызмат кылуучу жараны карап көрөт. Эгерде жара денеге тереңдеп кетсе, жаранын түгү саргарып, ичкерип кетсе, анда ыйык кызмат кылуучу аларды таза эмес деп жарыялайт. Бул – таз, бул – башка же ээкке чыккан пес оорусу.

31 Ыйык кызмат кылуучу таздын жарасын карап көрөт. Эгерде жара денеге тереңдеп кетпесе, анын кара түгү калбай калса, анда ыйык кызмат кылуучу таз болгон адамды жети күн камап коёт.

32 Жетинчи күнү ыйык кызмат кылуучу жараны карап көрөт. Эгерде таз жайылып кетпесе, түгү саргарып кетпесе, таз денеге тереңдеп кетпесе,

33 анда оорулуунун түгүн кырыш керек, бирок таз болгон жеринин түгүнө тийбеш керек, ыйык кызмат кылуучу таз болгон адамды кайрадан жети күн камап коюшу керек.

34 Жетинчи күнү ыйык кызмат кылуучу таз болгон жерди карайт, тазы жайылып кетпесе жана денесине тереңдеп кетпесе, анда ыйык кызмат кылуучу аны таза деп жарыялайт. Ал кийимдерин жуусун, ошондо таза болот.

35 Эгерде тазалангандан кийин тазы денесине тарай баштаса,

36 ыйык кызмат кылуучу таздын денеге тарап бара жатканын көрсө, анда ыйык кызмат кылуучу саргарган түктү издебесин, ал таза эмес.

37 Эгерде таз өзгөрүлбөй кала берсе, анын үстүнөн кара түктөр көрүнсө, анда тазы айыккан, ал таза. Ыйык кызмат кылуучу аны таза деп жарыялайт.

38 Эгерде эркектин же аялдын денесинде ак тактар пайда болсо,

39 ыйык кызмат кылуучу алардын денесиндеги тактардын ак экенин көрсө, анда ал – теридеги эле темиреткү, ал таза.

40 Эгерде кимдир бирөөнүн чачтары түшүп калса, анда ал такыр баш, ал таза.

41 Эгерде маңдайындагы чачтары түшүп калса, анда ал кашка баш, ал таза.

42 Эгерде адамдын башынын такыр же кашка жеринде агарган же кызарган тактар пайда болсо, анда анын башынын ошол жерлеринде пес оорусунун жарасы бар.

43 Ыйык кызмат кылуучу аны карап көрөт. Эгерде анын такыр башындагы же кашка башындагы тактар агарып же кызарып турганын көрсө, ал теринин пес оорусуна окшош болсо,

44 анда ал пес оорулуу, ал таза эмес. Ыйык кызмат кылуучу аны таза эмес деп жарыяласын, анткени анын башында жара бар.

45 Мындай жарасы бар пес оорулуу кийимдерин айрып, башына эч нерсе жаппай, оозун калкалап: “Таза эмесмин! Таза эмесмин!” – деп кыйкырсын.

46 Жара чыгып ооруп жаткан күндөрүндө ал таза эмес болуп эсептелсин, ал таза эмес, ал стандын сыртында өзүнчө жашасын.

47 Эгерде пес оорусунун жарасы кийимде, жүндөн же зыгыр буласынан токулган кийимде,

48 же болбосо зыгыр буласынан же жүндөн токулган кездеменин эришинде же аркагында, же булгаарыда, же булгаарыдан жасалган кандайдыр бир буюмда пайда болсо,

49 кийимдеги же булгаарыдагы, кездеменин эришиндеги же аркагындагы, же булгаарыдан жасалган нерселердеги тактар жашыл же кызгылтым болсо, анда ал – пес оорусунун жарасы. Ал ыйык кызмат кылуучуга көрсөтүлсүн.

50 Ыйык кызмат кылуучу жараны карап көрүп, жара жуккан нерсени жети күн өзүнчө бөлүп коёт.

51 Жетинчи күнү ыйык кызмат кылуучу жара жуккан нерсени карап көрөт. Эгерде кийимдеги, же кездеменин эришиндеги же аркагындагы, же булгаарыдагы, же булгаарыдан жасалган буюмдагы жара жайылып кетсе, анда ал – оюп кете турган пес оорусу, ал – таза эмес жара.

52 Ал жара жуккан кийимди, жүндөн же зыгыр буласынан токулган кездеменин эришин же аркагын, же булгаарыдан жасалган кандай нерсе болбосун, өрттөп жибериши керек, анткени ал – оюп кете турган пес оорусу. Аны отко өрттөп жибериши керек.

53 Эгерде ыйык кызмат кылуучу кийимдеги, кездеменин эришиндеги же аркагындагы, же булгаарыдан жасалган буюмдагы жаранын жайылбаганын көрсө,

54 анда ыйык кызмат кылуучу жара жуккан нерсени жууганга буйрук берет да, экинчи жолу жети күн өзүнчө бөлүп коёт.

55 Жара жуккан буюмду жуугандан кийин, ыйык кызмат кылуучу жаранын өзгөрүлбөгөнүн жана жайылбаганын көрсө, анда ал нерсе таза эмес, аны өрттөп жибер. Ал – буюмдун аркагын же эришин оюп кеткен жара.

56 Жуулгандан кийин, ыйык кызмат кылуучу жаранын азайып калганын көрсө, анда ал кийимдин, же булгаарынын, же кездеменин эришинин же аркагынын ошол жерин жулуп салсын.

57 Эгерде кийимдеги, же кездеменин эришиндеги же аркагындагы, же булгаарыдан жасалган буюмдагы жара кайрадан пайда болсо, анда ал – ырбап бара жаткан пес оорусу. Жара жуккан нерсени өрттөп жибер.

58 Эгерде кийимдеги, же кездеменин эришиндеги же аркагындагы, же булгаарыдан жасалган буюмдагы жара жуугандан кийин жоголуп кетсе, анда аларды экинчи жолу жууш керек, ошондо алар таза болот.

59 Жүндөн же зыгыр буласынан токулган кийимдеги, же кездеменин эришиндеги же аркагындагы, же булгаарыдан жасалган буюмдагы пес оорусунун жарасы жөнүндөгү, аларды кандайча таза же таза эмес деп жарыялоо жөнүндөгү мыйзам ушул».

**14-БӨЛҮМ**

**Пес оорусунан тазалануу жөнүндө**

1 Теңир Мусага мындай деп айтты:

2 «Пес оорулуу жөнүндөгү, аны тазалоо убактысы жөнүндөгү мыйзам мындай: аны ыйык кызмат кылуучуга алып келиш керек.

3 Ыйык кызмат кылуучу стандын сыртына чыгат. Эгерде ыйык кызмат кылуучу пес оорулуунун пес оорусунан айыкканын көрсө,

4 анда ыйык кызмат кылуучу тазалана турган адамга эки тирүү адал канаттууну, кедр жыгачын, кочкул кызыл жипти, иссопту алып келүүнү буйруйт.

5 Анан ыйык кызмат кылуучу бир канаттууну алып, чопо идиштеги агын суунун үстүнө мууздоону буйрук кылат.

6 Ал эми өзү тирүү канаттууну, кедр жыгачын, кочкул кызыл жипти, иссопту алып, аларды жана тирүү канаттууну агын суунун үстүнө мууздалган канаттуунун канына малат.

7 Анан пес оорусунан тазалана турган адамга жети жолу кан чачып, аны таза деп жарыялайт да, тирүү канаттууну талаага коё берет.

8 Тазалана турган адам өз кийимдерин жууп, бүт түгүн кырдырып, сууга жуунат, ошондо таза болот. Андан кийин станга келип, жети күн өз чатырынын сыртында турсун.

9 Жетинчи күнү денесиндеги бүт түгүн: чачын, сакал-мурутун, кашын, денесинде болгон бүт түгүн кырдырат, анан кийимдерин жууйт, денесин сууга жууйт, ошондо ал таза болот.

10 Сегизинчи күнү ал кемчилиги жок эки кочкор, кемчилиги жок бир жылдык ургаачы козу, нан курмандыгына зайтун майы кошулган эйфанын ондон үч бөлүгүнчөлүк буудай унун, бир лог зайтун майын алып келсин.

11 Тазалай турган ыйык кызмат кылуучу тазалана турган адамды курмандыктары менен бирге Теңирдин алдына, жыйын чатырынын эшигинин алдына коёт.

12 Анан ыйык кызмат кылуучу бир эркек козу алып, айып үчүн чалынуучу курмандыкка чалат. Ошондой эле бир лог зайтун майын алып, аларды Теңирдин алдында силкилдетет.

13 Ал козуну күнөө үчүн чалынуучу курмандык менен бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык союла турган жерде, ыйык жерде соёт, анткени айып үчүн чалынуучу бул курмандык күнөө үчүн чалынуучу курмандык сыяктуу эле ыйык кызмат кылуучуга тиешелүү. Бул – эң ыйык курмандык.

14 Анан ыйык кызмат кылуучу айып үчүн чалынган курмандыктын канынан алып, тазалана турган адамдын оң кулагынын көнчөгүнө, оң колунун бармагына жана оң бутунун бармагына сыйпайт.

15 Анан ыйык кызмат кылуучу зайтун майынан бир лог алып, өзүнүн сол алаканына куят.

16 Анан ыйык кызмат кылуучу оң колунун сөөмөйүн сол алаканындагы зайтун майына малып, Теңирдин алдында жети жолу чачат.

17 Ал эми алаканында калган зайтун майын ыйык кызмат кылуучу тазалана турган адамдын оң кулагынын көнчөгүнө, оң колунун бармагына, оң бутунун бармагына, айып үчүн чалынган курмандыктын каны сыйпалган жерлерге сыйпайт.

18 Ыйык кызмат кылуучу алаканында калган зайтун майын тазалана турган адамдын башына сыйпап, аны Теңирдин алдында тазалайт.

19 Андан кийин ыйык кызмат кылуучу күнөө үчүн чалынуучу курмандыкты чалып, тазалана турган адамды таза эместигинен тазалайт. Ошондон кийин бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты соёт.

20 Анан ыйык кызмат кылуучу бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык менен нан курмандыгын курмандык чалынуучу жайга коёт. Ыйык кызмат кылуучу аны ошентип тазалайт, ошондо ал таза болот.

21 Эгерде ал жарды болсо, колунда жок болсо, анда өзүн тазалаш үчүн, Теңирге арнап айып үчүн чалынуучу курмандыкка силкилдетип алып келүү үчүн, бир эркек козу, нан курмандыгына зайтун майы кошулган эйфанын ондон бир бөлүгүнчөлүк буудай унун, бир лог зайтун майын алып келсин.

22 Колунан келген эки бактекти же эки жаш көгүчкөндү алып келсин. Канаттуулардын бирин күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка, экинчисин бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка алып келсин.

23 Буларды тазалануунун сегизинчи күнү Теңирдин алдына, жыйын чатырынын эшигинин алдына, ыйык кызмат кылуучуга алып келсин.

24 Ыйык кызмат кылуучу айып үчүн чалынуучу курмандык козуну жана бир лог зайтун майын Теңирдин алдында силкилдетсин.

25 Анан эркек козуну айып үчүн чалынуучу курмандыкка соёт. Ыйык кызмат кылуучу айып үчүн чалынган курмандыктын канынан алып, тазалана турган адамдын оң кулагынын көнчөгүнө, оң колунун бармагына, оң бутунун бармагына сыйпайт.

26 Анан ыйык кызмат кылуучу зайтун майын өзүнүн сол алаканына куят.

27 Анан сол колундагы зайтун майына оң колунун сөөмөйүн малып, Теңир алдында жети жолу чачат.

28 Ыйык кызмат кылуучу алаканындагы зайтун майын тазалана турган адамдын оң кулагынын көнчөгүнө, оң колунун бармагына, оң бутунун бармагына, айып үчүн чалынган курмандыктын каны сыйпалган жерлерге сыйпайт.

29 Ал эми алаканында калган зайтун майын тазалана турган адамдын башына сыйпайт, аны Теңирдин алдында тазалоо үчүн сыйпайт.

30 Анан тазалана турган адам алып келген бактектердин бирин же жаш көгүчкөндөрдүн бирин алып келет.

31 Анын алып келген канаттууларынын бирин күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка, экинчисин нан курмандыгы менен бирге бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка чалат. Ыйык кызмат кылуучу тазалана турган адамды Теңирдин алдында ошентип тазалайт».

32 Тазаланып жаткан пес оорулуу кедей жөнүндөгү мыйзам ушул.

**Үйлөрдөгү пес оорусу жөнүндө**

33 Теңир Муса менен Арунга дагы мындай деп айтты:

34 «Мен силерге берген Канаан жерине киргениңерде, силер ээлеген жердеги үйлөргө пес оорусун каптатам.

35 Ошондо кимдин үйүн пес оорусу каптаса, ал ыйык кызмат кылуучуга барып: “Менин үйүмдө жара сыяктуу бир нерсе пайда болуп жатат”, – деп айтсын.

36 Ыйык кызмат кылуучу үйгө кирип жараны карап көрөрдөн мурун, үйдөгү нерселердин баары таза эмес болуп калбашы үчүн, үйдү бошотууну буйруйт, ошондон кийин гана ыйык кызмат кылуучу үйдү көрүүгө келет.

37 Ал жараны карап көрөт. Эгерде жара үйдүн дубалдарына жашыл же кызыл оюкчаларды пайда кылып, дубалга тереңдеп баратса,

38 анда ал үйдөн чыгып, үйдү жети күнгө бекитет.

39 Жетинчи күнү ыйык кызмат кылуучу кайра келип карап көрөт. Эгерде жара үйдүн дубалдарына жайылып баратса,

40 анда ыйык кызмат кылуучу жарасы бар таштарды чыгарып алып, шаардын сыртындагы таза эмес жерге алып барып таштоону буйрук кылат.

41 Ал эми үйдүн ички шыбагын бүт кырып чыгып, кырындыларды шаардын сыртындагы таза эмес жерге ташташат.

42 Анан алынган таштардын ордуна башка таштарды коюп, башка ылай жасап, үйдү кайрадан шыбап чыгышат.

43 Эгерде таштарды чыгарып алып, үйдүн шыбагын кырып, таза эмес жерге таштагандан кийин да, жара үйдө кайрадан пайда болуп, жайыла баштаса,

44 анда ыйык кызмат кылуучу келип карап көрөт. Эгерде жара жайылып кетсе, анда ал – үйдү оюп кете турган пес оорусу, ал үй таза эмес.

45 Ал үйдү бузуп, таштарын, жыгачтарын, шыбактарын шаардын сыртындагы таза эмес жерге алып барып ташташ керек.

46 Ким үй жабык турганда кирсе, ал кечке чейин таза эмес болот.

47 Ким ал үйдө түнөсө, кийимдерин жуусун. Ким ал үйдө тамак жесе, кийимдерин жуусун.

48 Анан ыйык кызмат кылуучу келип карап көрөт. Эгерде ыйык кызмат кылуучу келип, үй шыбалгандан кийин, үйгө жара жайылбаганын көрсө, анда үйдү таза деп жарыялайт, анткени жара өтүп кеткен.

49 Ал үйдү жарадан тазалаш үчүн, эки канаттуу, кедр жыгачын, кочкул кызыл жип жана иссоп алып,

50 бир канаттууну агын суу куюлган чопо идиштин үстүнө мууздайт.

51 Анан ал кедр жыгачын, иссопту, кочкул кызыл жипти, тирүү канаттууну алып, агын суунун үстүнө мууздалган канаттуунун канына малып, үйгө жети жолу чачып чыгат.

52 Ал үйдү канаттуунун каны менен, агын суу менен, тирүү канаттуу менен, кедр жыгачы менен, иссоп менен, кочкул кызыл жип менен тазалайт.

53 Анан тирүү канаттууну шаардын сыртындагы талаага коё берет. Үйдү ал ошентип тазалайт, ошондо үй таза болот.

54 Пес оорусунун жарасы жөнүндөгү, таз жөнүндөгү,

55 кийимдин, үйдүн пес оорусу жөнүндөгү, шишик, темиреткү жана тактар жөнүндөгү,

56 алардын качан таза, качан таза эмес болору жөнүндөгү мыйзам ушул. Пес оорусу жөнүндөгү мыйзам ушул».

**15-БӨЛҮМ**

**Дененин тазалыгы жөнүндөгү мыйзам**

1 Теңир Муса менен Арунга мындай деп айтты:

2 «Ысрайыл уулдарына мындай деп айткыла: “Кимдин жыныстык мүчөсүнөн ириң агып турса, ал таза эмес болуп эсептелет.

3 Жыныстык мүчөсүнөн ириң агып таза эмес болуп калган адам жөнүндөгү мыйзам мындай: жыныстык мүчөсүнөн ириң агып турса да, акпай кармалса да, ал таза эмес болуп эсептелет.

4 Жыныстык мүчөсүнөн ириң агып турган киши жаткан төшөк таза эмес, ал отурган нерсенин баары таза эмес.

5 Ким анын төшөгүнө тийсе, ал кийимдерин жуусун, өзү да сууга жуунсун, ал кечке чейин таза эмес болот.

6 Жыныстык мүчөсүнөн ириң агып турган киши отурган жерге ким отурса, ал кийимдерин жуусун, өзү да сууга жуунсун, ал кечке чейин таза эмес болот.

7 Ким жыныстык мүчөсүнөн ириң агып турган кишиге колун тийгизсе, ал кийимдерин жуусун, өзү да сууга жуунсун, ал кечке чейин таза эмес болот.

8 Эгерде жыныстык мүчөсүнөн ириң агып турган киши таза кишиге түкүрсө, анда ал кийимдерин жуусун, өзү да сууга жуунсун, ал кечке чейин таза эмес болот.

9 Жыныстык мүчөсүнөн ириң агып турган киши отурган унаадагы орундук кечке чейин таза эмес болот.

10 Ким анын астына салынган кандайдыр бир нерсеге тийсе, ал кечке чейин таза эмес болот. Ал нерсени ким көтөрсө, кийимдерин жуусун, өзү да сууга жуунсун, ал кечке чейин таза эмес болот.

11 Жыныстык мүчөсүнөн ириң агып турган киши колун жуубай туруп бирөөгө тийгизсе, ал кийимдерин жуусун, өзү да сууга жуунсун, ал кечке чейин таза эмес болот.

12 Жыныстык мүчөсүнөн ириң агып турган киши колун тийгизген чопо идишти талкалап салыш керек, жыгач идиш болсо, сууга жууш керек.

13 Жыныстык мүчөсүнөн ириң агып турган киши ириңинен арылгандан кийин, тазаланыш үчүн, өзүнө жети күн эсептеп алып, кийимдерин жууп, денесин агын сууга жуусун, ошондо ал таза болот.

14 Ал эми сегизинчи күнү ал эки бактекти же эки жаш көгүчкөндү алып, Теңирдин алдына, жыйын чатырынын эшигинин алдына келип, аларды ыйык кызмат кылуучуга берет.

15 Ыйык кызмат кылуучу ал канаттуулардын бирин күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка, экинчисин бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка чалат. Теңирдин алдында ыйык кызмат кылуучу аны жыныстык мүчөсүнөн агып турган ириңинен ошентип тазалайт.

16 Кимдин эрендиги агып кетсе, анда ал бүт денесин сууга жуусун, ал кечке чейин таза эмес болот.

17 Эрендик түшүп калган кийимди да, булгаарыны да сууга жуусун, ал кечке чейин таза эмес болот.

18 Эгерде эркек аял менен жатып, эрендиги куюлса, анда экөө тең суу менен жуунсун, алар кечке чейин таза эмес болушат.

19 Эгерде аялдын айызы келсе, анда ал тазаланыш үчүн, жети күн үйдө отурсун. Ким ал аялга тийсе, ал кечке чейин таза эмес болот.

20 Ал тазаланып жаткан убакта жаткан нерсенин баары таза эмес болуп эсептелет. Ал отурган нерсенин баары таза эмес болуп эсептелет.

21 Ким анын төшөгүнө тийсе, ал кийимдерин жуусун, өзү да сууга жуунсун, ал кечке чейин таза эмес болот.

22 Ким ал аял отурган кандайдыр бир буюмга тийсе, ал кийимдерин жуусун, өзү да сууга жуунсун, ал кечке чейин таза эмес болот.

23 Ким ал аялдын төшөгүндөгү бир нерсеге же ал отурган нерсеге тийсе, ал кечке чейин таза эмес болот.

24 Эгерде күйөөсү ал аял менен жатса, анда анын таза эместиги күйөөсүнө өтөт. Күйөөсү жети күн таза эмес болот, ал жаткан төшөк да таза эмес.

25 Эгерде аялдан айызы келип жатканда эмес, башка убакта көп күнгө чейин кан акса, же ал кан демейдеги айызынан да көп акса, анда ал аял каны агып жатканда, айызы келген убагындагыдай эле, таза эмес болот.

26 Айызы келип жаткан убагындагы төшөк сыяктуу эле, кан агып жаткан убагында аял жаткан төшөк да таза эмес. Айызы келип жаткан убагындагы нерсе сыяктуу эле, кан агып жаткан убагында аял отурган нерсе да таза эмес.

27 Ким аларга тийсе, ал таза эмес, ал кийимдерин жуусун, өзү да сууга жуунсун, ал кечке чейин таза эмес болот.

28 Аял канынан арылгандан кийин, өзүнө жети күн эсептеп алсын, ошондон кийин ал таза болот.

29 Сегизинчи күнү аял жыйын чатырынын кире беришине, ыйык кызмат кылуучуга эки бактек же эки жаш көгүчкөн алып келет.

30 Ыйык кызмат кылуучу канаттуулардын бирин күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка, экинчисин бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка чалат. Теңирдин алдында ыйык кызмат кылуучу аны денесинен аккан канынан ошентип тазалайт.

31 Алардын арасындагы Менин турагымды булгап, өздөрүнүн таза эместигинен өлбөшү үчүн, Ысрайыл уулдарын таза эместигинен ушинтип арылткыла».

32 Денесинен ириң агып турган, эрендиги агып кетип таза эмес болуп калгандар жөнүндөгү,

33 айызы келген аял жөнүндөгү, таза эмес нерсеси аккан эркек же аял жөнүндөгү, таза эмес аялы менен жаткан эркек жөнүндөгү мыйзам ушул"».

**16-БӨЛҮМ**

**Күнөөдөн арылуу күнү жөнүндө**

1 Аруундун эки уулу Теңирдин алдына башка от алып келип өлгөндөн кийин, Теңир Муса менен сүйлөштү.

2 Теңир Мусага мындай деди: «Бир тууганың Арунга мындай де: Ал өлүп калбашы үчүн, ыйык жайдын көшөгөсүнүн ары жагында турган келишим сандыгынын капкагынын алдына каалаган убагында эле келе бербесин, анткени Мен капкактын үстүнө булут ичинде келип турам.

3 Арун ыйык жайга мына булар менен кирсин: күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка бир букачар, бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка бир кочкор.

4 Ал зыгыр буласынан токулган узун көйнөк, зыгыр буласынан токулган ич кийим кийип, зыгыр буласынан токулган бел курчоо менен курчансын, башына зыгыр буласынан токулган кидар кийсин. Булар – ыйык кийимдер. Аларды денесин сууга жууп туруп кийсин.

5 Ысрайыл уулдарынын жамаатынан күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка эки теке, бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка бир кочкор алсын.

6 Арун күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка бир букачар чалып, өзүн да, үйүндөгүлөрүн да күнөөдөн тазаласын.

7 Анан эки текени алып, аларды жыйын чатырынын эшигинин алдына, Теңирдин алдына койсун.

8 Анан Арун эки теке үчүн өкчөмө таш ыргытсын: бирин Теңир үчүн, экинчисин чөлгө коё берүү үчүн.

9 Теңир үчүн түшкөн текени Арун жетелеп келип, күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка чалат.

10 Ал эми чөлгө коё берүү үчүн түшкөн текени элди күнөөлөрүнөн тазалаш үчүн, чөлгө коё берүү үчүн, Теңирдин алдына тирүү алып келет.

11 Анан Арун күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка букачар алып келип, өзүн да, үйүндөгүлөрүн да күнөөдөн тазалайт, букачарды күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка өзү үчүн соёт.

12 Теңирдин алдындагы курмандык чалынуучу жайдагы чоктон жыпар жыттуу зат түтөтүлүүчү идишке толтура салып, майда жанчылган түтөтүлүүчү жыпар жыттуу заттан бир кочуш алып, көшөгөнүн ары жагына кирет.

13 Түтөтүлүүчү жыпар жыттуу затты Теңирдин алдында отко салат, түтөтүлгөн заттардын түтүнү келишим сандыгынын капкагын каптайт. Ал өлүп калбашы үчүн ошондой болот.

14 Анан ал букачардын канына сөөмөйүн малып, капкактын үстүнө чачат, алды жагына жети жолу чачат.

15 Анан элдин күнөөсү үчүн чалынуучу текени союп, анын канын көшөгөнүн ары жагына алып кирип, букачардын канын кандай кылса, ал канды да ошондой кылып, капкактын үстүнө да, алды жагына да чачат.

16 Ал ыйык жайды Ысрайыл уулдарынын таза эмес нерселеринен, кылмыштарынан, бүт күнөөлөрүнөн ошентип тазалайт. Алардын таза эмес нерселеринин арасында турган жыйын чатырын да ошентип тазаласын.

17 Ал ыйык жайды ыйыктоо үчүн кирип, кайра чыкканга чейин жыйын чатырында эч ким болбосун. Ал өзүн да, үйүндөгүлөрүн да, бүт Ысрайыл жамаатын да күнөөдөн ошентип тазалайт.

18 Анан ал Теңирдин алдында турган курмандык чалынуучу жайга чыгып, аны да ошентип тазалайт. Букачардын каны менен текенин канынан алып, курмандык чалынуучу жайдын бардык мүйүздөрүнө сыйпайт.

19 Анан анын канына сөөмөйүн малып, ага жети жолу чачып, аны Ысрайыл уулдарынын таза эмес нерселеринен тазалап ыйыктайт.

20 Ыйык жайды, жыйын чатырын, курмандык чалынуучу жайды тазалап бүткөндөн кийин, тирүү текени алып келет.

21 Арун эки колун тирүү текенин башына коюп, Ысрайыл уулдарынын бардык мыйзамсыздыктарын, кылмыштарын, күнөөлөрүн ачык айтып, аларды текенин башына жүктөп, дайындалган бир адам менен чөлгө кетирет.

22 Теке алардын бардык мыйзамсыздыктарын өзүнө жүктөп, адам бара алгыс жерге алып кетет. Ал текени ошентип чөлгө коё берет.

23 Анан Арун жыйын чатырына кирип, ыйык жайга кирерде кийген зыгыр буласынан токулган кийимдерин чечип, ошол жерге калтырат.

24 Анан денесин ыйык жерде сууга жууп, өз кийимдерин кийип, сыртка чыгып, өзү үчүн да, эл үчүн да бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты чалып, өзүн да, элин да күнөөдөн тазалайт.

25 Ал эми күнөө үчүн чалынуучу курмандыктын майын курмандык чалынуучу жайда өрттөп жиберет.

26 Текени чөлгө коё берген адам кийимдерин жуусун, денесин да сууга жуусун. Станга ошондон кийин гана кирсе болот.

27 Ал эми каны ыйык жайды тазалаш үчүн ыйык жайга киргизилген, күнөө үчүн чалынган букачар менен текенин терисин, этин, кан-жинин стандын сыртына алып чыгып өрттөп жиберишсин.

28 Аларды өрттөгөн адам кийимдерин жуусун, денесин да сууга жуусун. Станга ошондон кийин гана кирсе болот.

29 Бул силерге түбөлүккө калган көрсөтмө болсун: жетинчи айдын онунчу күнү өзүңөрдү орозо кармап жоошуткула, эч кандай жумуш кылбагыла, жергиликтүү тургун да, араңардагы келгин да ошентсин.

30 Анткени ушул күнү ыйык кызмат кылуучу силерди бардык күнөөлөрдөн тазалаш үчүн, Теңир алдында таза болушуңар үчүн бүт күнөөңөрдөн тазалайт.

31 Бул – силер үчүн эс алуучу ишемби күн, орозо кармап, өзүңөрдү жоошуткула, бул – түбөлүк көрсөтмө.

32 Күнөөдөн тазартуу ишин өз атасынын ордуна ыйык кызматты аткаруу үчүн майланып дайындалган ыйык кызмат кылуучу гана аткарууга тийиш. Ал ыйык кызмат кылуучу зыгыр буласынан токулган ыйык кийимдерди кийип,

33 ыйыктын ыйыгын, жыйын чатырын, курмандык чалынуучу жайды ыйыктайт, ошондой эле ыйык кызмат кылуучуларды, бүткүл жамаатты күнөөдөн тазалайт.

34 Ысрайыл уулдарын жылына бир жолу бүт күнөөлөрүнөн тазалап туруу үчүн, бул көрсөтмө силерге түбөлүккө калсын». Теңир кандай буйруса, Муса ошондой кылды.

**17-БӨЛҮМ**

**Кан жөнүндө мыйзам**

1 Теңир Мусага мындай деп айтты:

2 «Арун менен анын уулдарына жана Ысрайыл уулдарына мындай деп жарыяла: “Теңир мындай буйрук кылат:

3 Ысрайыл элинин ичинен ким стандын ичинде же сыртында букачар, кой же эчки союп,

4 Теңирге арнап курмандыкка чалуу үчүн Теңирдин турагынын алдына, жыйын чатырынын эшигинин алдына алып келбесе, анда ал кишинин мойнунда кан калат. Ал кан төктү, ал өз элинин ичинен жок кылынсын.

5 Ошон үчүн Ысрайыл уулдары талаада соё турган өздөрүнүн курмандыктарын Теңирдин алдына, жыйын чатырынын эшигинин алдына, ыйык кызмат кылуучуга алып келишсин жана аларды Теңирге арнап тынчтык курмандыгына чалышсын.

6 Ыйык кызмат кылуучу анын канын жыйын чатырынын эшигинин алдында турган Теңирдин курмандык чалынуучу жайына чачсын, майын жыты Теңирге жаккан курмандык катары өрттөсүн.

7 Өздөрү адашып ээрчип жүргөн жасалма кудайларына мындан ары курмандык чалбашы үчүн, бул алардын укум-тукумуна түбөлүккө калган көрсөтмө болсун”.

8 Аларга дагы мындай де: “Ысрайыл элинин ичинен же араңарда жашаган келгиндердин ичинен ким бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык же башка курмандык чалып,

9 аларды жыйын чатырынын алдына Теңирге арнап алып келбесе, анда ал өз элинин ичинен жок кылынсын.

10 Ысрайыл элинин ичинен же араңарда жашаган келгиндердин ичинен ким кандайдыр бир кан жесе, анда Мен кан жеген кишиге каарымды төгүп, аны элинин ичинен жок кылам.

11 Анткени дененин жаны – каны. Силердин жаныңарды күнөөдөн тазартуу үчүн, Мен ал канды курмандык чалынуучу жайга дайындагам, анткени ал кан жанды тазартат.

12 Ошон үчүн Мен Ысрайыл уулдарына мындай деп айткам: Силердин ичиңерден эч ким кан жебесин, араңарда жашаган келгин да кан жебесин.

13 Эгерде Ысрайыл уулдарынын ичинен же араңарда жашаган келгиндердин ичинен ким тузак тартып, жегенге жараган жаныбарды же канаттууну кармап алса, анда ал анын канын агызып, жерге көмүп салсын.

14 Анткени ар бир дененин жаны – каны. Ошон үчүн Мен Ысрайыл уулдарына мындай деп айткам: Эч бир дененин канын жебегиле, анткени кан – ар бир дененин жаны. Ким кан жесе, ал жок кылынсын.

15 Жергиликтүү тургун болобу, келгин болобу, ким болбосун, өлүктү же жырткыч жара тартып кеткен жаныбарды жесе, ал кийимдерин жуусун, өзү да сууга жуунсун, кечке чейин таза эмес болуп, андан кийин гана таза болот.

16 Эгерде ал кийимин жана денесин жуубаса, анда өз мыйзамсыздыгы өз мойнунда болот”».

**18-БӨЛҮМ**

**Кандаш тууганы менен никелешүүгө тыюу салуу**

1 Теңир Мусага мындай деп айтты:

2 «Ысрайыл уулдарына мындай деп жарыяла: “Мен силердин Кудай-Теңириңермин.

3 Силер жашап келген Мисир жериндегилердин кылган иштерин кылбагыла, Мен силерди алып бараткан Канаан жериндегилердин кылган иштерин кылбагыла, алардын мыйзамдары боюнча жашабагыла.

4 Менин мыйзамдарым менен көрсөтмөлөрүмдү аткаргыла, ошолордун негизинде жашагыла. Мен силердин Кудай-Теңириңермин.

5 Менин көрсөтмөлөрүм менен мыйзамдарымды аткаргыла, аларды аткарган адам тирүү болот. Мен Теңирмин.

6 Эч ким жакын тууганы болгон аялдын жылаңач этин ачып жакындабасын. Мен Теңирмин.

7 Атаң менен энеңдин жылаңач этин ачпа: ал сенин энең, энеңдин жылаңач этин ачпа.

8 Атаңдын аялынын жылаңач этин ачпа, ал өз атаңдын жылаңач эти болот.

9 Эже-карындашыңдын, атаңдын же энеңдин үйдө же сыртта туулган кызынын жылаңач этин ачпа.

10 Уулуңдун кызынын же кызыңдын кызынын жылаңач этин ачпа, анткени ал өзүңдүн жылаңач этиң.

11 Атаңдан төрөлгөн атаңдын аялынын кызынын жылаңач этин ачпа, ал сенин аталаш эжең же карындашың, ошондуктан анын жылаңач этин ачпа.

12 Атаңдын эжесинин же карындашынын жылаңач этин ачпа, анткени сенин атаң менен анын каны бир.

13 Энеңдин эжесинин же сиңдисинин жылаңач этин ачпа, анткени сенин энең менен анын каны бир.

14 Атаңдын бир тууганынын жылаңач этин ачпа, анын аялына жакындаба, анткени ал сенин жеңең.

15 Келиниңдин жылаңач этин ачпа, анткени ал сенин уулуңдун аялы, анын жылаңач этин ачпа.

16 Бир тууганыңдын аялынын жылаңач этин ачпа, анткени ал бир тууганыңдын жылаңач эти болот.

17 Энеси менен кошо кызынын жылаңач этин ачпа. Ал аялдын уулунун кызын же кызынын кызын аялдыкка алба, жылаңач этин ачпа, анткени алардын каны бир. Бул мыйзамсыздык болот.

18 Эжеси менен сиңдисин күндөш кылып аялдыкка алба, аялыңдын көзү тирүүсүндө, аялыңдын көз алдында анын жылаңач этин ачпа.

19 Аялыңдын айызы келип жатканда, жылаңач этин ачпа.

20 Жакыныңдын аялы менен жатпа, эрендигиңди агызып булганба.

21 Балдарыңды Молохко курмандыкка чалып Кудайыңдын атын булгаба. Мен Теңирмин.

22 Аял менен жаткандай, эркек менен жатпа, бул жийиркеничтүү.

23 Мал менен жанашып эрендигиңди агызып булганба. Аял да мал менен жанашпасын. Бул жийиркеничтүү.

24 Мындай нерселер менен булганбагыла, анткени Мен силердин алдыңардан кууп чыгарып жаткан элдер ушунун баары менен булганган.

25 Жер булганды, Мен анын мыйзамсыздыктарына жүзүмдү бурдум, жер өзүнүн үстүндө жашагандарды силкип салды.

26 Силер болсо Менин көрсөтмөлөрүм менен мыйзамдарымды аткаргыла. Жергиликтүү тургун да, араңарда жашаган келгин да мындай жийиркеничтүү иштерди кылбасын.

27 Анткени силерге чейин жашаган эл бул жерди ушундай жийиркеничтүү иштерди кылып булгаган.

28 Эгерде силер да бул жерди булгасаңар, анда жер мурда жашаган элди силкип салгандай, силерди да силкип салат.

29 Анткени ушундай жийиркеничтүү ишти кылгандардын баары өз элинин ичинен жок кылынат.

30 Силерден мурункулар кылган жийиркеничтүү иштерди кылып булганбашыңар үчүн, Менин буйруктарымды сактагыла. Мен силердин Кудай-Теңириңермин”».

**19-БӨЛҮМ**

**Он осуят**

1 Теңир Мусага мындай деп айтты:

2 «Ысрайыл уулдарынын жамаатына мындай деп жарыяла: “Ыйык болгула, анткени Мен, Кудай-Теңириңер, ыйыкмын.

3 Ар бир адам өз ата-энесинен ыйбаа кылсын. Менин ишембилеримди сактагыла. Мен силердин Кудай-Теңириңермин.

4 Жасалма кудайларга кайрылбагыла, өзүңөргө кудайларды куюп албагыла. Анткени Мен силердин Кудай-Теңириңермин.

5 Теңирге тынчтык курмандыгын чалганыңарда, аны өзүңөргө ырайым табыш үчүн чалгыла.

6 Ал курмандыкты чалган күнү жана кийинки күнү жегиле, ал эми үчүнчү күнгө калганын өрттөп жибергиле.

7 Ким аны үчүнчү күнү жесе, бул жийиркеничтүү, бул Кудайга жакпайт.

8 Аны жеген адам күнөөлүү болот, анткени ал Теңирдин ыйык нерсесин булгады. Ал адам өз элинин ичинен жок кылынат.

9 Жериңерден түшүмүңөрдү жыйнап жатканыңарда, талааңардын четин жыйнабай калтырып койгула, түшүм жыйнаганда түшүп калганын терип албагыла.

10 Жүзүмүңөрдү жыйнап жатканыңарда, түшүмүнөн калтырып койгула, жүзүмүңөрдүн түшүп калганын терип албагыла. Аларды жарды менен келгинге калтыргыла. Мен силердин Кудай-Теңириңермин.

11 Уурдабагыла, калп айтпагыла, бири-бириңерди алдабагыла.

12 Менин атым менен жалган убада бербегиле, Кудайыңардын атын ушинтип булгабагыла. Мен Теңирмин.

13 Өз жакыныңды таарынтпа, тонобо. Жалданган адамдын кызмат акысы таң атканга чейин берилбей калбасын.

14 Кулагы кереңге жаман сөз айтпа, чалынып жыгылсын деп, сокурдун алдына эч нерсе таштаба. Кудайыңдан корк, Мен Теңириңмин.

15 Сотто жалган сүйлөбө. Жакырды кемсинтпе. Улуу адамга жагынба. Жакыныңа калыс бол.

16 Өз элиңдин арасында сөз ташыба, жакыныңдын өмүрүнө балта чаппа. Мен Теңирмин.

17 Бир тууганыңды ичиңден жек көрө бербе; жакыныңдын жаңылыштыгын көрсөт, ошондо ал үчүн күнөөкөр болбойсуң.

18 Өз элиңдин уулдарына жамандык ойлобо, кек сактаба, тескерисинче, өзүңдү кандай сүйсөң, жакыныңды да ошондой сүй. Мен Теңирмин.

19 Менин мыйзамдарымды аткаргыла. Эки түрдөгү жаныбарды бири-бири менен аргындаштырба. Талааңа эки түрдүү урукту аралаштырып сеппе. Жүн менен зыгыр буласынан аралаш токулган кийим кийбе.

20 Ким никелешкен күйөөсү бар күң аял менен жатса, бирок анын куну төлөнө элек болсо же эркиндик бериле элек болсо, анда алар жазаланышсын. Бирок алар өлүм жазасына тартылбасын, анткени аял эркин эмес.

21 Ошол эркек киши жыйын чатырынын эшигинин алдына айып үчүн чалынуучу курмандыкка Теңирге арнап бир кочкор алып келсин.

22 Ыйык кызмат кылуучу айып үчүн чалынган кочкор менен Теңирдин алдында аны кылган күнөөсүнөн арылтат, ошондо анын кылган күнөөсү кечирилет.

23 Кудай-Теңириңер силерге берген жерге келгениңерде, мөмө бере турган кандайдыр бир дарак тиккениңерде, анын мөмөлөрүн сүннөтсүз деп эсептегиле. Аларды үч жылга чейин сүннөтсүз деп эсептегиле, аларды жебегиле.

24 Ал эми төртүнчү жылы анын бардык жемиштери Теңирди даңктоо майрамдарына арналсын.

25 Бешинчи жылы анын мөмөлөрүн жесеңер болот, анын мөмөлөрүн жыйнап алсаңар болот. Мен силердин Кудай-Теңириңермин.

26 Эч нерсени каны менен жебегиле. Сыйкырчылык кылбагыла, төлгө салбагыла.

27 Чачыңарды тегерете алдырбагыла, сакалыңардын учун кыркпагыла.

28 Өлгөн адамды эстеп жүрүш үчүн, өз денеңерге так салбагыла, денеңерге ийне менен чегип жазбагыла. Мен Теңирмин.

29 Жер бузулуп, бузуктукка толуп кетпеши үчүн, өз кызыңдын бузулуп кетүүсүнө жол бербе.

30 Менин ишемби күндөрүмдү сактагыла, Менин ыйык жайымды сыйлагыла. Мен Теңирмин.

31 Өлгөндөрдү чакыргандарга кайрылбагыла, сыйкырчыларга барбагыла, өзүңөрдү алар менен булгабагыла. Мен силердин Кудай-Теңириңермин.

32 Аксакалдын алдында ордуңдан тур, карыя кишини сыйла, Кудайыңдан корк. Мен Теңирмин.

33 Жериңерге көчүп келген келгинди кысымга албагыла.

34 Көчүп келген келгин адам силер үчүн жергиликтүү адамдай болсун. Аны өзүңдү сүйгөндөй сүй, анткени силер да Мисир жеринде келгин болгонсуңар. Мен силердин Кудай-Теңириңермин.

35 Сот ишинде, бир нерсенин узун-туурасын, салмагын, суюктуктун көлөмүн өлчөөдө адилет болгула.

36 Силердин таразаңар, тараза таштарыңар, эйфаңар жана гиниңер туура болсун. Силерди Мисир жеринен алып чыккан Кудай-Теңириңер Менмин.

37 Менин көрсөтмөлөрүм менен мыйзамдарымды аткаргыла. Мен Теңирмин"».

**20-БӨЛҮМ**

**Күнөөлөр үчүн тарта турган жазалар**

1 Теңир Мусага мындай деп айтты:

2 «Ысрайыл уулдарына мындай деп айт: "Ысрайыл уулдарынын ичинен жана Ысрайыл уулдарынын арасында жашаган келгиндердин ичинен ким өз баласын Молохко курмандыкка берсе, ал өлүм жазасына тартылсын. Ал жердин эли аны таш бараңга алып өлтүрсүн.

3 Мен ал адамга каршы жүзүмдү буруп, аны өз элинин арасынан жок кылам, анткени ал өз баласын Молохко курмандыкка берип, Менин ыйык жайымды булгап, Менин ыйык ысымымды жаманатты кылды.

4 Ал өз баласын Молохко берип жатканда, ал жердин эли ошол адамга көңүл бурбай, аны өлтүрбөй койсо,

5 анда Мен ал адамга каршы жана анын тукумуна каршы жүзүмдү буруп, аны өз элинин арасынан жок кылам, аны менен кошо Молохтун артынан ээрчип адашып жүргөндөрдү да жок кылам.

6 Ким өлгөндөрдү чакыргандарга жана сыйкырчыларга кайрылып, аларды ээрчип адашып жүрсө, анда Мен ал адамга каршы жүзүмдү буруп, аны өз элинин арасынан жок кылам.

7 Өзүңөрдү ыйыктагыла, ыйык болгула, анткени Мен, силердин Кудай-Теңириңер, ыйыкмын.

8 Менин көрсөтмөлөрүмдү аткаргыла, анткени силерди ыйык кыла турган Теңириңер Менмин.

9 Ким атасына же энесине жаман айтса, ал өлүм жазасына тартылсын. Ал атасына же энесине жаман айткандыктан, өз каны өз мойнунда.

10 Ким күйөөсү бар аял менен ойноштук кылса, ким өз жакынынын аялы менен ойноштук кылса, анда ойноштук кылган эркек да, аял да өлүм жазасына тартылсын.

11 Ким атасынын аялы менен жатса, ал атасынын жылаңач этин ачкан болот. Экөө тең өлүм жазасына тартылсын, өздөрүнүн каны өздөрүнүн мойнунда.

12 Ким өз келини менен жатса, анда экөө тең өлүм жазасына тартылсын. Алар жийиркеничтүү иш кылышты, ошондуктан өздөрүнүн каны өздөрүнүн мойнунда.

13 Ким аял менен жаткандай, эркек менен жатса, анда экөө тең жийиркеничтүү иш кылышты. Алар өлүм жазасына тартылышсын, өздөрүнүн каны өздөрүнүн мойнунда.

14 Ким аялынын үстүнө анын энесин кошо аялдыкка алса, бул – мыйзамсыздык. Араңарда мыйзамсыздык болбошу үчүн, ал эркек менен эки аялды өрттөп салгыла.

15 Ким жаныбар менен жанашса, ал өлүм жазасына тартылсын, ал жаныбарды да өлтүргүлө.

16 Эгерде аял жаныбар менен жанашуу үчүн барса, анда аялды да, жаныбарды да өлтүргүлө, алар өлүм жазасына тартылышсын, өздөрүнүн каны өздөрүнүн мойнунда.

17 Ким өзүнүн эжесин же карындашын, атасынын кызын же энесинин кызын алса, анын жылаңач этин көрсө, кыз да анын жылаңач этин көрсө, бул – маскарачылык. Алар өз элинин көз алдында өлтүрүлсүн. Ал өз карындашынын жылаңач этин ачты, өз күнөөсүн өзү көтөрөт.

18 Ким аялынын айызы келип жатканда жылаңач этин ачса, анда ал каны агып жатканын көрдү, аял өзүнүн аккан канын көргөздү. Экөө тең өз элинин арасынан жок кылынсын.

19 Ким энесинин эже-сиңдисинин же атасынын эже-карындашынын жылаңач этин ачса, өзүнүн жылаңач этин ачкан болот. Өз күнөөсүн өзү көтөрөт.

20 Ким өз жеңеси менен жатса, ал агасынын жылаңач этин ачкан болот. Алардын күнөөлөрү өздөрүнүн мойнунда, алар бала көрбөй өтүшөт.

21 Ким өз бир тууганынын аялын алса, бул жийиркеничтүү. Ал өз бир тууганынын жылаңач этин ачкан болот, алар бала көрбөй өтүшөт.

22 Менин көрсөтмөлөрүм менен мыйзамдарымды аткаргыла, ошондо Мен силерди жашасын деп берип жаткан жер силерди силкип салбайт.

23 Мен силердин алдыңардан кууп чыгарып жаткан элдин кылганын кылбагыла, анткени алар ушулардын баарын кылышкан, ошондуктан Мен аларга каарымды төктүм.

24 Мен силерге мындай деп айтпадым беле: Алардын жерин ээлейсиңер, анткени сүт менен бал аккан ошол жерди силерге мураска Мен берип жатам. Силерди башка элдерден бөлүп алган Кудай-Теңириңер Менмин.

25 Адал малды арам малдан, таза канаттууну таза эмес канаттуудан ажырата билгиле. Мен арам деп бөлүп койгон жаныбар менен, канаттуу менен, боору менен сойлоп жүрүүчү жаныбарлар менен булганбагыла.

26 Менин алдымда ыйык болгула, анткени Мен, Теңириңер, ыйыкмын, силерди Меники болсун деп, башка элдерден бөлүп алдым.

27 Эркек болобу, аял болобу, ким өлгөндөрдү чакырса же сыйкырчылык кылса, ал өлүм жазасына тартылсын. Ал таш бараңга алынсын, өз каны өз мойнунда"».

**21-БӨЛҮМ**

**Ыйык кызмат кылуучуларга берилген буйруктар**

1 Теңир Мусага мындай деп айтты: «Арундун уулдарына, ыйык кызмат кылуучуларга, мындай деп айт: "Алардын эч кимиси өз элинин ичинен өлгөндөргө тийип булганбасын.

2 Бирок алардын каны бир болгон жакыны: энеси, же атасы, же уулу, же кызы, же бир тууганы,

3 же жакыны болгон күйөөгө чыга элек карындашы өлүп, аларга колун тийгизсе, булганбайт.

4 Таза эмес болуп калбашы үчүн, өз элинин ичинен кимге болбосун, колун тийгизип булганбашы керек.

5 Алар чачтарын алдырышпасын, сакалдарынын учтарын кырктырышпасын, денелерине так салдырышпасын.

6 Алар өз Кудайынын алдында ыйык болушсун жана өз Кудайынын ысымын булгашпасын. Алар Теңирге курмандык чалышат, өз Кудайына нан тартуулашат, ошондуктан алар ыйык болушсун.

7 Алар бузулган аялды, жаманатты болгон аялды, күйөөсү таштап кеткен аялды алышпасын, анткени алар – Кудайга арналган ыйык адамдар.

8 Аларды ыйык тут, анткени алар Кудайыңа нан тартуулашат. Алар сен үчүн ыйык болушсун, анткени силерди ыйык кылган Теңириңер Мен ыйыкмын.

9 Эгерде ыйык кызмат кылуучунун кызы ойноштук кылып өзүн булгаса, ал атасынын атын булгаган болот. Аны отко өрттөп жибергиле.

10 Бир тууганларынын ичинен башына майлоочу май куюлуп майланган, ыйык кийим кийген башкы ыйык кызмат кылуучу баш кийимин чечпесин жана кийимдерин айрыбасын.

11 Өлгөн адамга жакындабасын. Ал турсун, өлгөн атасы менен энесине колун тийгизип өзүн булгабасын.

12 Ыйык жайдан алыстабасын, Кудайынын ыйык жайын булгабасын, анткени ал – башы майлоочу май менен майланган, Кудайга арналган адам. Мен Теңирмин.

13 Ал кызга үйлөнсүн.

14 Ал жесир аялды, же күйөөсү таштап кеткен аялды, же жаманатты болгон аялды, же бузулган аялды албасын. Ал өз элинин гана кызын аялдыкка алсын.

15 Ал өз тукумун өз элинин арасында булгабасын, анткени аны ыйык кылган Теңир Менмин”».

16 Теңир Мусага дагы мындай деп айтты:

17 «Арунга мындай деп айт: “Сенин укум-тукумуңдун ичинен денесинде кемчилиги бар адам Кудайына нан тартуулабасын.

18 Денесинде кемчилиги бар адам ыйык кызмат кылуучу болбосун. Сокур, төкөр, кебетеси бузук,

19 буту сынган, колу сынган,

20 бүкүр, кургак учук менен ооруган, көзүн чел баскан, котур, таз, энеги майып адам курмандык чалбасын.

21 Ыйык кызмат кылуучу Арундун тукумунан денесинде кемчилиги бар адам Теңирге курмандык чалбасын. Анын денесинде кемчилиги болгондуктан, Кудайына нан тартуулабасын.

22 Ал адам Кудайынын эң ыйык курмандыктарынан жана ыйык курмандыктарынан жесе болот.

23 Бирок ал ыйык жайдын көшөгөсүнө келбесин, курмандык чалынуучу жайга жакындабасын, анткени анын денесинде кемчилиги бар. Ал Менин ыйык жайымды булгабасын, анткени аларды ыйык кыла турган Теңир Менмин"».

24 Муса ушулардын баарын Арунга, анын уулдарына жана Ысрайыл уулдарына айтты.

**22-БӨЛҮМ**

**Курмандык чалуу тартиби**

1 Теңир Мусага дагы мындай деп айтты:

2 «Арунга жана анын уулдарына мындай де: Менин ысымымды булгабаш үчүн, алар Ысрайыл уулдарынын Мага тартуулаган ыйык нерселерине этият мамиле кылышсын. Мен Теңирмин.

3 Аларга мындай де: "Силердин укум-тукумуңардан ким таза эмес болуп туруп, Ысрайыл уулдарынын Теңирге арнаган ыйык нерселерине жакындаса, анда ал Менин алдымдан жок кылынат. Мен Теңирмин".

4 Арундун тукумунан ким пес оорусу менен ооруса же жыныстык мүчөсүнөн ириң агып турса, анда ал тазаланмайынча, ыйык тамактан жебесин; ким өлүккө тийип таза эмес болуп калган нерсеге тийсе, же кимдин эрендиги агып кетсе,

5 же адамды таза эмес кыла турган кандайдыр бир сойлоочу жаныбарга же кандай гана таза эместиги менен болбосун, таза эмес кыла турган адамга тийсе,

6 ушулардын бирине тийсе, ал кечке чейин таза эмес болот, ал денесин жуумайынча, ыйык тамактан жебесин.

7 Ал күн баткандан кийин гана таза болот, ошондо ыйык тамактан жесе болот, анткени бул – анын азыгы.

8 Ал булганбаш үчүн, өлүктү, жырткыч жара тарткан жаныбарды жебесин. Мен Теңирмин.

9 Алар Менин ушул буйруктарымды бузуп күнөөгө батып, ошол күнөөсүнүн айынан өлүп калбашы үчүн, Менин буйруктарымды сакташсын. Аларды ыйык кылган Теңир Менмин.

10 Ыйык тамакты бөлөк бирөө жебесин. Аны ыйык кызмат кылуучунун үйүндө жашаган адам да, жалданма адам да жебесин.

11 Ыйык тамакты ыйык кызмат кылуучу күмүшкө сатып алган адам жесе болот. Ошондой эле анын үйүндө төрөлгөн кулдар да жесе болот.

12 Эгерде ыйык кызмат кылуучунун кызы жат кишиге күйөөгө чыкса, анда ал тартууга келген ыйык тамактарды жебесин.

13 Эгерде ыйык кызмат кылуучунун кызы жесир калса, же күйөөсү менен ажырашып кетсе, бирок балдары жок болсо, кыз кезинде жашаган атасынын үйүнө кайтып келген болсо, анда ал атасынын тамагынан жесе болот. Анын үй-бүлөсүнөн башка эч ким аны жебесин.

14 Ким ыйык тамактан билбей жеп алса, ал тамактын баасына анын баасынын бештен бир бөлүгүн кошуп, ыйык кызмат кылуучуга төлөп берсин.

15 Ыйык кызмат кылуучулар өздөрү Ысрайыл уулдарынын Теңирге алып келген ыйык тамактарын булгашпасын.

16 Ыйык кызмат кылуучулар ыйык тамакты жеп жатканда, кылмыш кылып айыпка жыгылышпасын, анткени аларды ыйык кылган Теңир Менмин».

17 Теңир Мусага дагы мындай деп айтты:

18 «Арунга, анын уулдарына жана Ысрайылдын бардык уулдарына мындай деп жарыяла: "Ысрайыл уулдарынын ичинен же Ысрайыл уулдарынын арасында жашап жаткан келгиндердин ичинен ким убада боюнча же өз каалоосу боюнча Теңирге арнап бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык алып келсе,

19 анда ал Кудайдын алдында ырайым табыш үчүн, алып келген курмандыгы эч кандай кемчилиги жок эркек бодо, же кой, же эчки болсун.

20 Кемчилиги бар эч бир малды курмандыкка чалбагыла, анткени мындай курмандык менен силер ырайым таппайсыңар.

21 Ким убада боюнча же өз каалоосу боюнча Теңирге арнап бодо же майда малдан тынчтык курмандыгын алып келсе, анда ал Кудайдан ырайым табышы үчүн, алып келген курмандыгы эч кандай кемчилиги жок болсун. Курмандыктын эч кандай кемчилиги болбосун.

22 Малдын сокурун, майыбын, чабырын, оорулуусун, котурун, түлөгөнүн Теңирге курмандыкка чалбагыла. Андай малды Теңирдин курмандык чалынуучу жайына алып келбегиле.

23 Мүчөлөрү өтө узун же өтө кыска букачарды же козуну өз каалоосу боюнча чалынуучу курмандыкка чалса болот, бирок убада боюнча чалынуучу курмандыкка чалганга болбойт.

24 Энеги майып болгон, жанчылган, үзүлгөн же кесилип алынган малды Теңирге курмандыкка чалбагыла, өз жериңерде андай кылбагыла.

25 Ушундай малдарды башка жердик адамдардын колунан алып Кудайыңарга тартуу кылбагыла, анткени алар майып, алардын кемчилиги бар, ошондуктан ырайым таппайсыңар"».

26 Теңир Мусага дагы мындай деп айтты:

27 «Музоо, же козу, же улак туулгандан кийин энесинин жанында жети күн болсун, ал эми сегизинчи күндөн баштап Теңирге курмандыкка чалса болот.

28 Бирок уйду да, койду да баласы менен сойбогула.

29 Эгерде Теңирге ыраазычылык билдирүү курмандыгын чалгыңар келсе, анда ырайым таба тургандай кылып чалгыла.

30 Ал курмандык ошол эле күнү желсин. Андан эртең мененкиге калтырбагыла. Мен Теңирмин.

31 Менин осуяттарымды сактагыла жана аткаргыла. Мен Теңирмин.

32 Мени Ысрайыл уулдары ыйык тутуш үчүн, Менин ыйык ысымымды булгабагыла. Силерди ыйык кылган Теңириңер Менмин.

33 Силердин Кудайыңар болуш үчүн, силерди Мисир жеринен алып чыккан Теңириңер Менмин».

**23-БӨЛҮМ**

**Теңирдин майрамдары**

1 Теңир Мусага дагы мындай деп айтты:

2 «Теңирдин мына бул майрамдарын "ыйык жыйын" деп атоо керек экенин Ысрайыл уулдарына жарыяла, аларга мындай деп айт: Менин майрамдарым булар:

3 Алты күн иштегиле, ал эми жетинчи күн – ишемби, дем алуу күнү, ыйык жыйын күнү. Ал күнү эч кандай жумуш кылбагыла. Кайсы жерде жашасаңар да, бул күн – Теңирдин ишемби күнү.

4 Белгиленген убагында майрамдала турган Теңирдин ыйык жыйындары булар:

**Пасах жана Ачыткысыз нан майрамдары**

5 Биринчи айдын он төртүнчү күнү кечинде Теңирдин Пасах майрамы.

6 Ошол эле айдын он бешинчи күнү Теңирдин Ачыткысыз нан майрамы. Жети күн ачыткысыз нан жегиле.

7 Бул майрамдын биринчи күнү силерде ыйык жыйын болсун. Эч кандай жумуш кылбагыла.

8 Жети күн катары менен Теңирге курмандык чалгыла. Жетинчи күнү дагы ыйык жыйын болсун. Эч кандай жумуш кылбагыла».

9 Теңир Мусага дагы мындай деп айтты:

10 «Ысрайыл уулдарына мындай деп жарыяла: Мен силерге берген жерге келип, эгин оро баштаганыңарда, эгиниңердин биринчи боосун ыйык кызмат кылуучуга алып келгиле.

11 Силер ырайым табышыңар үчүн, ыйык кызмат кылуучу боону Теңирдин алдына алып барат. Ал аны майрамдын экинчи күнү көтөрүп барат.

12 Боону көтөрүп барган күнү Теңирге арнап бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка кемчилиги жок бир жылдык козу чалгыла.

13 Аны менен кошо нан курмандыгына зайтун майы кошулган эйфанын ондон эки бөлүгүнчөлүк буудай унун, анын үстүнө куюла турган гиндин төрттөн бир бөлүгүнчөлүк шарапты жыты Теңирге жаккан курмандык катары алып келгиле.

14 Кудайыңарга ушул курмандыктарды алып келмейинче, эч кандай нан, куурулган буудай жана жаңы бышкан буудай жебегиле. Бул силердин укум-тукумуңарга, алар кайсы жерде жашашса да, түбөлүккө калган көрсөтмө болсун.

**Түшүм майрамы**

15 Боону силкилдетип алып келген майрамдын биринчи күнүнөн баштап толук жети жума эсептегиле.

16 Жети жума, бир күн болгондо (эсептегенде элүү күн болот), Теңирге арнап биринчи түшүмдөн нан курмандыгын алып келгиле.

17 Үйүңөрдөн биринчи түшүм катары Теңирге арнап нан курмандыгына эйфанын ондон эки бөлүгүнчөлүк буудай унунан ачыткы кошулуп бышырылган эки нан алып келгиле.

18 Нан менен кошо эч кемчилиги жок бир жылдык жети козу, бодо малдан бир букачар жана эки кочкор алып келгиле. Булар Теңирге арналган бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык болсун. Нан курмандыгын жана үстүнө куюлуучу шарапты жыты Теңирге жаккан курмандык катары алып келгиле.

19 Ошондой эле күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка бир текени, тынчтык курмандыгына бир жылдык эки козуну даярдап койгула.

20 Буларды ыйык кызмат кылуучу силкилдетиле турган биринчи түшүмдүн наны жана эки козу менен бирге Теңирдин алдында силкилдетсин. Теңирге арналган ушул ыйык нерселер ыйык кызмат кылуучуга таандык.

21 Ошол күнү элди чакырып, ыйык жыйын өткөргүлө, эч кандай жумуш кылбагыла. Бул силердин укум-тукумуңарга, алар кайсы жерде жашашса да, түбөлүккө калган көрсөтмө болсун.

22 Эгиниңерди оруп жатканыңарда, талааңардын четин орбой калтырып койгула, жерге түшүп калганын албагыла. Аны жарды менен келгиндерге калтыргыла. Мен силердин Кудай-Теңириңермин».

**Сурнай тартуу майрамы**

23 Теңир Мусага дагы мындай деп айтты:

24 «Ысрайыл уулдарына айт: "Жетинчи айдын биринчи күнү – силер эс ала турган күн, сурнай майрамы. Ошол күнү ыйык жыйын өткөргүлө.

25 Эч кандай жумуш кылбагыла, Теңирге курмандык чалгыла"».

**Күнөөдөн тазалануу күнү**

26 Теңир Мусага дагы мындай деп айтты:

27 «Ошондой эле ошол жетинчи айдын онунчу күнү – күнөөдөн арылуу күнү силерде ыйык жыйын болсун. Өзүңөрдү орозо кармап жоошутуп, Теңирге курмандык чалгыла.

28 Ал күнү эч кандай жумуш кылбагыла. Ал – тазалануу күнү, силердин Кудайыңар болгон Теңириңердин алдында тазалана турган күн.

29 Бул күнү өзүн орозо кармап жоошутпаган адам өз элинин арасынан жок кылынат.

30 Ким ал күнү жумуш кылса, Мен ал адамды өз элинин арасынан жок кылам.

31 Эч кандай жумуш кылбагыла. Бул силердин укум-тукумуңарга, алар кайсы жерде жашашса да, түбөлүккө калган көрсөтмө болсун.

32 Ал күн – силер эс алуучу ишемби күн, ошол күнү орозо кармап өзүңөрдү жоошуткула. Айдын тогузунчу күнүнүн кечинен баштап кийинки күндүн кечине чейин ишемби күндү майрамдагыла».

**Алачыктар майрамы**

33 Теңир Мусага дагы мындай деп айтты:

34 «Ысрайыл уулдарына мындай де: “Ошол эле жетинчи айдын он бешинчи күнү – Алачыктар майрамы. Бул майрам жети күнгө созулат.

35 Ал майрамдын биринчи күнү ыйык жыйын өткөргүлө. Эч кандай жумуш кылбагыла.

36 Жети күн бою Теңирге курмандык чалгыла. Сегизинчи күнү ыйык жыйын өткөргүлө, Теңирге курмандык чалгыла. Бул майрамдын акыркы күнү эч кандай жумуш кылбагыла.

37 Мына ушулар – Теңирдин майрамдары. Бул күндөрү ыйык жыйындар өткөрүлсүн. Бул күндөрү Теңирге арнап бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты, нан курмандыктарын, союлуучу курмандыктарды, куюлуучу курмандыктарды өздөрүнүн белгиленген убагында чалгыла.

38 Теңирге арнап алып келген тартууларыңардан, Теңирдин ишемби күндөрүндө алып келген курмандыктарыңардан, убада боюнча же өз каалооңор боюнча алып келген курмандыктарыңардан сырткары алып келе турган курмандыктарыңар ушулар.

39 Ал эми жетинчи айдын он бешинчи күнү, түшүмүңөрдү жыйнап жатканыңарда, Теңирдин майрамын жети күн майрамдагыла. Майрамдын биринчи жана сегизинчи күнү – эс алуу күнү.

40 Майрамдын биринчи күнү кооз дарактардын бутактарын, курма пальмасынын бутактарын, жазы жалбырактуу жыгачтын бутактарын жана дарыя жээгиндеги кызыл талдын бутактарын алып, Кудай-Теңириңердин алдында жети күн көңүл ачкыла.

41 Теңирдин бул майрамын бир жылда жети күн майрамдагыла. Бул – силердин укум-тукумуңарга түбөлүккө калган көрсөтмө. Аны жетинчи айда майрамдагыла.

42 Алачыктарда жети күн жашагыла. Ысрайылдын ар бир жергиликтүү тургуну алачыкта жашасын.

43 Мен Ысрайыл уулдарын Мисирден алып чыкканда, аларды алачыктарда жашатканымды силердин урпактарыңар биле жүрүшсүн. Мен силердин Кудай-Теңириңермин”».

44 Муса Теңирдин мына ушул майрамдары жөнүндө Ысрайыл уулдарына жарыя кылды.

**24-БӨЛҮМ**

**Чырактан жөнүндө мыйзам**

1 Теңир Мусага дагы мындай деп айтты:

2 «Ысрайыл уулдарына мындай деп буйрук кыл: Чырактан үзгүлтүксүз күйүп, жарык берип турушу үчүн, алар сага чырактанды күйгүзүү үчүн тазаланган, жанчылган зайтун майын алып келишсин.

3 Арун аны жыйын чатырындагы келишим сандыгынын алдында тартылып турган көшөгөнүн сыртында кеч киргенден таң атканга чейин Теңир алдында дайыма күйүп турушу үчүн даярдасын. Бул – силердин укум-тукумуңарга түбөлүккө калган көрсөтмө.

4 Ал таза алтындан жасалган чырактандын үстүндөгү чырактарды Теңирдин алдында дайыма күйүп турушу үчүн даярдасын.

**Нан тартуусу жөнүндө мыйзам**

5 Буудай унунан он эки нан бышыр. Ар бир нанга эйфанын ондон эки бөлүгүнчөлүк ун кетсин.

6 Аларды Теңирдин алдындагы таза алтындан жасалган үстөлдүн үстүнө алты-алтыдан эки катар кылып кой.

7 Ар бир катар нандын үстүнө ладан кой, ал Теңир эсине алышы үчүн коюлган курмандык болсун.

8 Ишемби сайын аларды Ысрайыл уулдарынан алып, Теңирдин алдына дайыма коюп турсун. Бул – түбөлүккө калган мыйзам.

9 Алар Арун менен анын уулдарына таандык, аларды ыйык жайда жешсин, анткени алар Теңирге арналган курмандыктардын ичинен эң ыйыгы. Бул – түбөлүккө калган көрсөтмө».

**Жазалар жөнүндө мыйзам**

10 Ысрайылдык бир аялдын мисирлик адамдан төрөлгөн уулу Ысрайыл уулдарына келип, ысрайылдык бир адам менен стандын ичинде чатакташа кетти.

11 Ысрайылдык аялдын уулу Теңирдин ысымына тил тийгизип, жаман сөздөрдү айтты. Ошондо аны Мусага алып келишти.

12 Теңирдин буйругу жарыялангыча, аны камап коюшту.

13 Ошондо Теңир Мусага мындай деп айтты:

14 «Жаман сүйлөгөн адамды стандын сыртына алып чык, анын жаман сөздөрүн уккандардын бардыгы колдорун анын башына коюшсун, анан бүт жамаат аны таш бараңга алып өлтүрсүн.

15 Ысрайыл уулдарына болсо мындай де: Ким Кудайга жаман сөз айтса, ал өз күнөөсүн өзү көтөрөт.

16 Теңирдин ысымына тил тийгизген адам өлүшү керек, бүткүл жамаат аны таш бараңга алсын. Теңирдин ысымына тил тийгизген келгин да, жергиликтүү тургун да өлүм жазасына тартылсын.

17 Ким адам өлтүрсө, ал өлүм жазасына тартылсын.

18 Ким мал өлтүрсө, ал малдын ордуна мал төлөп берсин.

19 Ким өз жакынын жарадар кылса, аны да жарадар кылышсын.

20 Сыныкка сынык, көзгө көз, тишке тиш. Ким бир адамды кандай жарадар кылса, аны да так ошондой жарадар кылышсын.

21 Ким мал өлтүрсө, ал аны төлөп берсин. Ким адам өлтүрсө, ал өлүм жазасына тартылсын.

22 Келгин үчүн да, жергиликтүү тургун үчүн да бир мыйзам болсун, анткени Мен силердин Кудай-Теңириңермин».

23 Муса Ысрайыл уулдарына ушуларды айтты. Теңир Мусага кандай буйруса, Ысрайыл уулдары ошондой кылып, Теңирдин ысымына тил тийгизген адамды стандын сыртына алып чыгып, таш бараңга алышты.

**25-БӨЛҮМ**

**Жер жөнүндө мыйзам. Жерди эс алдыруу**

1 Синай тоосунда Теңир Мусага мындай деп айтты:

2 «Ысрайыл уулдарына мындай деп жарыяла: “Мен силерге берген жерге келгениңерде, ал жер Кудай белгилеген жетинчи жылы эс алсын.

3 Алты жыл катары менен талааңа эгин эк, алты жыл катары менен жүзүмүңдү бута, алардын түшүмдөрүн жыйна.

4 Ал эми жетинчи жыл жердин эс алуу жылы болсун, ал жыл – Теңирдин ишемби жылы. Ал жылы талааңа эгин экпе, жүзүмүңдү бутаба.

5 Өзү өсүп чыккан эгинди орбо, буталбаган жүзүмдүн түшүмүн жыйнаба. Ал жыл жердин эс алуу жылы болсун.

6 Жердин эс алуу жылында өзү өсүп чыккан түшүм өзүңө да, кулуңа да, күңүңө да, жалданган жумушчуңа да, араңарда жашаган келгинге да,

7 малыңа да, жаныбарларга да тамак болсун.

**Юбилей жылы**

8 Өзүң үчүн эс алуу жылынан жети жолу жети жылды эсептеп ал, ошондо кырк тогуз жыл болот.

9 Жетинчи айдын онунчу күнү сурнай тарт, күнөөдөн арылуучу ошол күнү бүт жериңерде сурнай тарткыла.

10 Элүүнчү жылды ыйык туткула, ошол жылы жериңердеги бардык элдерге эркиндик жарыялагыла. Ал жыл силер үчүн юбилей жылы болсун. Ар ким өз менчигине кайтып келсин, ар ким өз үй-бүлөсүнө келсин.

11 Элүүнчү жыл юбилей жылыңар болсун. Үрөн сеппегиле, өзү өсүп чыккандарды орбогула, буталбаган жүзүмдүн мөмөсүн үзбөгүлө.

12 Анткени бул жыл – юбилей жылы. Бул жыл силер үчүн ыйык жыл болсун. Ушул жылы талаада эмне өссө, ошону жегиле.

13 Ушул юбилей жылы ар бириңер өз менчигиңерге кайтып келгиле.

14 Жакыныңарга бир нерсе сатканда же жакыныңардан бир нерсе сатып алганда, бири-бириңерди таарынтпагыла.

15 Жерди жакыныңдан юбилей жылынан кийинки жылдары сатып алсаң болот, анткени ал сага жерди киреше бере турган маалында сатат.

16 Эгерде юбилей жылына чейин көп жыл бар болсо, баасы кымбат болот. Эгерде юбилей жылына аз жыл калса, баасы арзан болот, анткени ал жерди түшүм бере турган жылдардын санына жараша сатат.

17 Бири-бириңерди таарынтпагыла. Кудайыңардан корккула, анткени Мен силердин Кудай-Теңириңермин.

18 Менин көрсөтмөлөрүм менен мыйзамдарымды аткаргыла, ошондо жер бетинде тынч жашайсыңар.

19 Жер да өз түшүмүн берет, тойгончо жеп, жер үстүндө тынч жашайсыңар.

20 Эгерде жетинчи жылы: «Же үрөн сеппесек, же түшүм жыйнабасак, эмне жейбиз?» – дей турган болсоңор,

21 Мен алтынчы жылы силерге батамды беремин, ошондо жер үч жылдын түшүмүн берет.

22 Сегизинчи жылы үрөн себесиңер, бирок тогузунчу жылга чейин, анын түшүмүн жыйнаганга чейин, мурунку жылдын түшүмүнөн жейсиңер.

**Жеке менчик жөнүндө мыйзам**

23 Жер биротоло сатылбасын, анткени жер Меники. Силер Менин келгиндеримсиңер жана убактылуу тургундарымсыңар.

24 Өзүңөрдүн ээлеп турган жериңерди кунун төлөп кайрып алсаңар болот.

25 Эгерде бир тууганың жакырланып кетип, ээлеген жерин сатып жиберсе, анда анын жакын тууганы ал жерди кун төлөп кайра кайрып алсын.

26 Эгерде анын кун төлөп кайрып ала турган жакын тууганы жок болсо, бирок кийин өзү кунун төлөгөнгө каражат тапса,

27 анда ал саткан жылдардан баштап эсептеп, саткан кишисине калган жылдарга жараша төлөп берсин, ошентип өз жерине кайрадан ээ болот.

28 Эгерде кайра алууга каражат таппаса, анда сатылган жер алган кишинин колунда юбилей жылына чейин калат, ал эми юбилей жылы жер кайрадан ээсине тиет.

29 Ким дубал менен курчалган шаардагы үйүн сатса, анда аны саткан күндөн баштап бир жыл өткөнчө кун төлөп кайрып алса болот. Бир жылдын ичинде кун төлөп кайра кайрып алса болот.

30 Эгерде дубал менен курчалган шаардагы үй бир жылдын ичинде кун төлөнүп кайрылып алынбаса, анда ал үй сатып алган адамга жана анын тукумуна түбөлүккө калат, ээсине юбилей жылы да кайтарылбайт.

31 Ал эми дубал менен курчалбаган айылдагы үйлөрдү, жерди кун төлөп кайтарып алгандай кайтарып алыш керек. Ал үйлөрдү кун төлөп кайра кайтарып алууга болот, ээсине юбилей жылы кайра берилет.

32 Ал эми лебилер шаардагы үйлөрүн каалаган убагында кун төлөп кайра кайтарып алышса болот.

33 Лебилердин ичинен ким үйүн кун төлөп кайтарып албаса, анда ал үй юбилей жылы лебиге кайрадан өтөт, анткени шаарлардагы лебилердин үйлөрү Ысрайыл уулдарынын ичинен лебилерге гана таандык.

34 Шаарларынын тегерегиндеги жерлери да сатылбайт, анткени бул – алардын түбөлүк ээлиги.

**Жакырлар жана кулдар жөнүндө**

35 Келгин болобу, бөтөн жерлик болобу, жакының жакырланып, турмушу начарлап баратса, ага жардам бер, ал сенин жаныңда жашасын.

36 Ага бергениңдин үстүнө үстөк кошуп алба, бергениңден түшкөн кирешени да алба, Кудайыңдан корк. Жакының сенин жаныңда жашасын.

37 Күмүшүңдү үстөк алыш үчүн бербе, тамагыңды пайда табыш үчүн бербе.

38 Силердин Кудайыңар болуш үчүн, силерге Канаан жерин бериш үчүн, Мисир жеринен алып чыккан Кудай-Теңириңер Менмин.

39 Сенин жаныңда жашаган бир тууганың жакырланып кетип, сага кулчулукка сатылса, сен аны кулдай иштетпе.

40 Ал сен үчүн жалданган кызматчы, келгин катары болсун. Юбилей жылына чейин сеникинде иштеп турсун.

41 Ошондон кийин гана ал сенден бөлүнүп кетсин, өзү да, балдары да өз үй-бүлөсүнө кайтсын, кайрадан өз ата-бабаларынын ээлигин ээлесин.

42 Анткени алар – Менин кулдарым, аларды Мен Мисир жеринен алып чыккам. Аларды кулдарды саткандай сатпагыла.

43 Аларга катаал бийлик кылба, Кудайыңдан корк.

44 Өз кулуң, өз күңүң болсун десең, тегеректеги элдерден сатып ал.

45 Араңарда жашаган келгиндердин балдарынан да сатып алсаңар болот, алардын силердин жериңерде төрөлгөн балдарынан да сатып алсаңар болот, ошондо алар силердин менчигиңер болуп калат.

46 Аларды өзүңөрдөн кийин балдарыңарга мураска калтырсаңар болот. Алар силерге түбөлүккө кул болсун. Бирок өз бир тууганыңарга, Ысрайыл уулдарына, бири-бириңерге катаал бийлик кылбагыла.

47 Эгерде сенин жаныңда жашаган келгин же бөтөн жерлик жетиштүү жашап калса, ал эми бир тууганың анын алдында жакырланып кетип, келгинге же келгиндин уругунан бирөөнө өзүн кулчулукка сатса,

48 анда ал сатылгандан кийин, аны кунун төлөп кайра кайтарып алса болот. Бир туугандарынын ичинен бирөө аны кунун төлөп кайрып алсын.

49 Же анын атасынын бир тууганы, же анын баласы, же анын жакын туугандарынан бирөө, же уруусунан бирөө анын кунун төлөсүн. Эгерде каражат тапса, өзүн өзү бошотуп алат.

50 Ал өзүн саткан жылдан юбилей жылына чейинки жылдарды эсептеп, ошол жылдардын санына жараша күмүш төлөсүн. Ал ага убактылуу жалданган адамдай болуп эсептелсин.

51 Эгерде юбилей жылына чейин дагы көп жыл бар болсо, анда өзүнүн куну үчүн төлөнгөн күмүштү калган жылдардын ичинде төлөп берсин.

52 Эгерде юбилей жылына аз эле жыл калса, анда өзүнүн куну үчүн төлөнгөн күмүштү калган жылдардын ичинде төлөп берсин.

53 Кулчулукка сатылган жылдарда ал ага жалданган адамдай болсун. Ал сенин көзүңчө ага катаал бийлик кылбасын.

54 Эгерде ага ушундай жол менен кун төлөнбөсө, анда юбилей жылы өзү да, балдары да бошотулат.

55 Анткени Ысрайыл уулдары – Менин кулдарым. Алар – Мен Мисир жеринен алып чыккан Менин кулдарым. Мен силердин Кудай-Теңириңермин.

**26-БӨЛҮМ**

**Теңирдин бата убада кылуусу**

1 Табыныш үчүн жасалма кудайларды, балбалдарды, мамыларды, сүрөт чегилген таштарды жашаган жериңерге орнотпогула, анткени силердин Кудай-Теңириңер Менмин.

2 Менин ишембилеримди сактагыла, Менин ыйык жайымды ыйык туткула. Мен Теңирмин.

3 Эгерде силер Менин көрсөтмөлөрүм боюнча жашасаңар, Менин осуяттарымды сактасаңар жана аткарсаңар,

4 анда Мен жамгырды өз убагында жаадырам, жер да өз түшүмүн берет, талаадагы дарактар да жемиш берет.

5 Бастырган даныңар жүзүм үзгөнгө чейин жетет, жыйнаган жүзүмүңөр үрөн сепкенге чейин жетет, наныңарды тойгончо жеп, өз жериңерде бейкут жашайсыңар.

6 Жериңерге бейпилдик берем. Уктап жатканыңарда эч ким тынчыңарды албайт. Силер жашаган жерден жырткыч айбандарды кууп чыгарам, кылыч көтөргөндөрдү жолотпойм.

7 Кастарыңарды качырасыңар, алар силердин кылычыңардан өлүшөт.

8 Бешөөң жүздү качырасың, жүзүң түмөндү качырасың, душманыңар силердин кылычыңардан кыйрайт.

9 Мен Өзүм силерге назарымды салып, укум-тукумуңарды көбөйтөм, силер менен түзгөн келишимиме бек турам.

10 Өткөн жылдыкын жейсиңер, жаңы түшүмдүн молдугунан эскини таштап коёсуңар.

11 Өзүмдүн турагымды силердин араңарга тургузам, Мен силерден баш тартпайм.

12 Силердин араңарда жүрүп, силердин Кудайыңар болом, силер Менин элим болосуңар.

13 Силер Мисир жеринде кул болбошуңар үчүн, кулчулуктун кишендерин талкалап, башыңарды бийик көтөртүп, Мисир жеринен алып чыккан Кудай-Теңириңер Менмин.

**Тил албастык үчүн жаза**

14 Эгерде Мага тил албасаңар, ушул осуяттардын баарын аткарбасаңар,

15 Менин көрсөтмөлөрүмдү жек көрсөңөр, Менин мыйзамдарымдан баш тартсаңар, Менин осуяттарымды аткарбасаңар, Менин келишимимди бузсаңар,

16 анда Мен да мындай кылам: үрөй учурган коркунуч, кургак учук, безгек каптатам, ошондо айлаңар кетип, жаныңар кыйналат. Сепкен үрөнүңөр текке кетет, аны кас душмандарыңар жейт.

17 Мен силерге каршы чыгам, ошондо душмандарыңардын алдында кыйрайсыңар, душмандарыңар силерге үстөмдүк кылат, аркаңардан эч ким куубаса деле качып жөнөйсүңөр.

18 Ошондон кийин да Менин тилимди албасаңар, анда күнөөлөрүңөр үчүн жазаны жети эсе көбөйтөм.

19 Кекирейген текебердигиңерди сындырып, асманыңарды темирдей, жериңерди жездей кылам.

20 Силердин күчүңөр текке кетет, жериңер түшүм бербейт, дарактарыңар жемиш бербейт.

21 Эгерде ушундан кийин да Мага каршы чыксаңар жана Мени уккуңар келбесе, анда күнөөлөрүңөр үчүн соккуну дагы жети эсе көбөйтөм.

22 Силерге жырткыч айбандарды каптатам, алар балдарыңарды жейт, малдарыңарды кырат, өзүңөрдү да кырат, ошондо көчөлөрүңөр ээн калат.

23 Эгерде ошондон кийин да оңолбой, Мага каршы чыга турган болсоңор,

24 анда Мен да силерге каршы чыгам, күнөөлөрүңөр үчүн силерди жети эсе жазалайм.

25 Менин келишимимди бузганыңар үчүн, кылыч менен өч алам. Эгерде шаарыңарга жашырынып алсаңар, анда жугуштуу оору каптатып, душманыңардын колуна салып берем.

26 Адамга кубат берүүчү нандан өксүтөм. Он аял биригип, бир очокко нан бышырып, нанды өлчөп беришет. Жейсиңер, бирок тойбойсуңар.

27 Эгерде ошондон кийин да Менин тилимди албай, Мага каршы чыксаңар,

28 анда Мен да каарымды төгүп, силерге каршы чыгам, күнөөлөрүңөр үчүн силерди жети эсе жазалайм.

29 Балдарыңар менен кыздарыңардын этин жейсиңер.

30 Бутканаларыңарды кыйратам, мамыларыңарды талкалайм, өлүгүңөр кыйраган жасалма кудайларыңардын астында калат. Мен силерден жийиркенем.

31 Шаарларыңарды чөлгө айлантам, ыйык жайыңарды ээн калтырам, курмандыгыңардын жагымдуу жытын жыттабайм.

32 Жериңерге отурукташкан душмандарыңар айран-таң калгыдай кылып, жериңерди кыйратам.

33 Ал эми өзүңөрдү ар кыл элдин арасына таратам, аркаңардан кылычымды сунам, жериңер ээн калат, шаарларыңарды талкалайм.

34 Ошондо ээн калган жер ишемби жылдары үчүн эс алат. Силер душман жеринде жашап жатканыңарда гана жер эс алып, ишемби жылдары үчүн эс алат.

35 Силер жашап жатканда, ишемби жылдары эс албаган жер ээн калган күндөрдө эс алат.

36 Душман жеринде тирүү калгандарыңарды суу жүрөк кылам, алар жалбырактын дирилдегенинен качып жөнөй турган болушат, артынан эч ким куубаса да, кылычтан качкансып качышат.

37 Эч ким куубаса да, кылычтан жыгылгансып, бири-бирине чалынып жыгылышат, душмандарыңарга каршы турганга алыңар келбей калат.

38 Ар кыл элдин арасында кырыласыңар, душмандарыңардын жеринде жок болосуңар.

39 Ал эми тирүү калгандарыңар өзүңөрдүн мыйзамсыздыктарыңар үчүн, ата-бабаларыңардын мыйзамсыздыктары үчүн душмандарыңардын жеринде чирийсиңер.

40 Ошондо гана алар өздөрүнүн мыйзамсыздыктарын, ата-бабаларынын мыйзамсыздыктарын, Мага каршы чыгышканын, Мага каршы кылган кылмыштарын мойнуна алышат.

41 Мына ошол үчүн Мен да аларга каршы чыгып, аларды өздөрүнүн душмандарынын жерине алып келгенде, алардын сүннөтсүз жүрөктөрү моюн сунуп, өздөрүнүн мыйзамсыз иштеринин азабын тартышат.

42 Ошондо Мен Жакып менен, Ыскак менен, Ыбрайым менен түзгөн келишимимди жана ал жерди эстейм.

43 Ошондо алар калтырып кеткен жер ишемби жылдары үчүн эс алат. Алар Менин мыйзамдарымды жек көргөндүгү үчүн, Менин мыйзамдарымдан баш тарткандыгы үчүн, өздөрүнүн мыйзамсыз иштери үчүн жазасын алышат.

44 Бирок алар душмандарынын жеринде жашап жатканда да, Мен аларды четке какпайм, алардан жийиркенбейм, алар менен түзгөн келишимимди бузбайм, аларды таптакыр жок кылбайм, анткени Мен алардын Кудай-Теңиримин.

45 Мен алар үчүн алардын ата-бабалары менен түзгөн келишимимди эстейм. Мен алардын ата-бабаларынын Кудайы болуш үчүн, аларды башка элдердин көз алдында Мисир жеринен алып чыккам. Мен Теңирмин"».

46 Теңирдин Муса аркылуу Синай тоосунда Өзү менен Ысрайыл уулдарынын ортосуна койгон көрсөтмөлөрү, чечимдери, мыйзамдары ушулар.

**27-БӨЛҮМ**

**Кудайга адамдарды жана буюмдарды арноо жөнүндө**

1 Теңир Мусага мындай деп айтты:

2 «Ысрайыл уулдарына мындай деп жарыяла: "Ким Теңирге кайсы бир нерсесин арноого убада берсе, сенин баалаганың боюнча

3 ал адам ыйык шекел менен баалансын. Эгерде ал жыйырма жаштан алтымыш жашка чейинки эркек болсо, элүү ыйык күмүш шекелге баалансын.

4 Эгерде аял болсо, анда отуз күмүш шекелге баалансын.

5 Беш жаштан жыйырма жашка чейинки эркек жыйырма күмүш шекелге, ал эми аял он күмүш шекелге баалансын.

6 Бир айдан беш жашка чейинки эркек бала беш күмүш шекелге, ал эми кыз үч күмүш шекелге баалансын.

7 Алтымыш жаштан жогорку эркек он беш күмүш шекелге, ал эми аял он күмүш шекелге баалансын.

8 Эгерде ал адам өтө эле жарды болсо, айтылган бааны бере албаса, анда аны ыйык кызмат кылуучуга алып келишсин, ыйык кызмат кылуучу аны жашоо шартына жараша бааласын.

9 Ким Теңирге арнап мал алып келсе, анда ал мал курмандыкка чалынсын. Теңирге арнала тургандын баары ыйык болсун.

10 Ал мал башка нерсеге айырбашталбасын, жакшысы жаманга же жаманы жакшыга алмаштырылбасын. Ким малды малга алмаштырса, анда экөө тең ыйык болуп эсептелсин.

11 Эгерде Теңирге арнап курмандыкка чалганга жарабаган таза эмес мал алып келсе, анда ал малды ыйык кызмат кылуучуга алып келсин.

12 Ал мал жакшы болобу, жаман болобу, аны ыйык кызмат кылуучу баалайт. Ал кандай бааласа, ошондой болсун.

13 Ким ал малдын кунун төлөп кайрып алгысы келсе, анда ал малдын баасына баасынын бештен бир бөлүгүн кошуп сатып алсын.

14 Ким Теңирдин ыйык жайы үчүн үйүн арнаса, ал үй жакшы болобу, жаман болобу, аны ыйык кызмат кылуучу бааласын. Ал кандай бааласа, ошондой болсун.

15 Эгерде арнаган киши үйүнүн кунун төлөп кайрып алгысы келсе, анда сен койгон баа боюнча үйдүн баасына күмүштүн бештен бир бөлүгүн кошсун, ошондо үй аныкы болот.

16 Ким өз үлүшүнөн Теңирге жер арнаса, анда анын баасы себилген үрөнгө жараша болсун. Себилген бир хомер арпа үчүн элүү күмүш шекел.

17 Ким өзүнүн жерин юбилей жылы арнаса, анда ал ыйык кызмат кылуучу койгон баада болсун.

18 Ким өзүнүн жерин юбилей жылынан кийин арнаса, анда ыйык кызмат кылуучу аны кийинки юбилей жылына чейинки, калган жылдардын санына жараша бааласын, ошондо баасы азаят.

19 Эгерде жерин арнаган киши аны кунун төлөп кайрып алгысы келсе, анда анын баасына күмүштүн бештен бир бөлүгүн кошсун, ошондо жер өзүндө калат.

20 Эгерде ал жерин кунун төлөп кайрып албаса, жер башка кишиге сатылып кетсе, анда аны кунун төлөп кайтарып алууга болбойт.

21 Ал жерди эч ким сатып албаса, юбилей жылы Теңирге арналган ыйык жер болуп калат. Ал жер түбөлүккө ыйык кызмат кылуучунуку болот.

22 Ким Теңирге өзүнүн жерин эмес, сатып алган жерин арнаса,

23 анда ыйык кызмат кылуучу аны юбилей жылына чейинки жылдардын санына жараша баалап, ошол эле күнү Теңирге арнасын.

24 Ал жер юбилей жылы жердин биринчи ээсине өтөт.

25 Ар бир нерсенин баасы ыйык шекел менен баалансын, бир шекелде жыйырма гер бар.

26 Малдын биринчи төлүн эч ким Теңирге арнабасын, анткени биринчи төл Теңирге тиешелүү. Өгүз болобу, майда жандык болобу, алар Теңирдики.

27 Эгерде мал таза эмес болсо, анда аны сен койгон баанын үстүнө баасынын бештен бир бөлүгүн кошуп кайра кайрып алсын. Эгерде ал кунун төлөбөсө, анда ал сен койгон баада сатылышы керек.

28 Ким Теңирге өз менчигинен адам, мал, жер арнаса, анда алар сатылбайт жана кун төлөнүп кайра кайтарылбайт. Теңирге арналгандын баары Теңир алдында ыйык.

29 Теңирге арналган адам кун төлөнүп кайра кайтарылбайт. Ал өлтүрүлсүн.

30 Бардык түшүмдүн: жердин түшүмүнүн, дарактардын жемишинин ондон бир бөлүгү Теңирге таандык. Бул Теңирдин алдында ыйык.

31 Ким өзү берген түшүмдүн ондон бир бөлүгүнүн кунун төлөп кайра алгысы келсе, анда анын баасына баасынын бештен бир бөлүгүн кошуп берсин.

32 Бодо мал менен майда малдын ондон бир бөлүгү, таяк астынан өткөн малдын онунчусу Теңирге арналсын.

33 Ал жакшы же жаман деп тандалбасын, алмаштырылбасын. Эгерде аны алмаштырса, анда экөө тең Теңирге таандык болуп калат да, куну төлөнүп кайра кайтарылбайт"».

34 Мына ушул осуяттарды Теңир Синай тоосунда Ысрайыл уулдарына Муса аркылуу берген.

**Мусанын төртүнчү китеби САНДАР**

**1-БӨЛҮМ**

**Ысрайылды биринчи жолу санап чыгуу**

1 Ысрайыл эли Мисир жеринен чыккандан кийин, экинчи жылдын экинчи айынын биринчи күнүндө Синай чөлүндө, жыйын чатырында Теңир Мусага мындай деди:

2 «Арун экөөңөр Ысрайылдын бүткүл жамаатындагы ар бир урууну, ар бир үй-бүлөнү санап чыккыла. Эркек аттууларынын бирин да калтырбай, аттарын атап санап чыккыла.

3 Ысрайыл элинин жыйырма жана андан жогорку жаштагы согушка жарактууларынын баарын кошуундары боюнча санап чыккыла.

4 Ар бир уруунун уруу башчысы силерге жардам берсин.

5 Силерге жардамдаша турган эркектердин аттары мындай: Рубейин уруусунан Шедейурдун уулу Элитсур,

6 Шымон уруусунан Суришадайдын уулу Шелумиел,

7 Жүйүт уруусунан Аминадаптын уулу Нахшон,

8 Исахар уруусунан Суардын уулу Натанаел,

9 Забулун уруусунан Хейлондун уулу Элийап,

10 Жусуптун уулдарынан: Эпрайым уруусунан Амийуттун уулу Элишама, Менаше уруусунан Пыдатсурдун уулу Гамлиел,

11 Бенжемин уруусунан Гидонинин уулу Абидан,

12 Дан уруусунан Амишадайдын уулу Ахиезер,

13 Ашыр уруусунан Охрандын уулу Пагиел,

14 Гат уруусунан Ребуелдин уулу Элийасап,

15 Напталы уруусунан Эйнандын уулу Акира.

16 Булар – жамааттын тандалган уулдары, өз-өз урууларынын уруу башчылары, Ысрайыл миң башылары».

17 Муса менен Арун аттары аталган ушул эркектерди алып жөнөштү.

18 Алар экинчи айдын биринчи күнү бүткүл жамаатты жыйнашты. Ошондо алар жыйырма жана андан жогорку жаштагы эркек аттуулардын бирин калтырбай, уруусу, үй-бүлөсү боюнча аттарын атап санап чыгышты.

19 Муса Теңирдин айтканындай кылып, аларды Синай чөлүндө санап чыкты.

20 Ошондо Ысрайылдын тун уулу Рубейинден тараган, жыйырма жана андан жогорку жаштагы согушка жарактуу эркек аттууларынын бири калбай, уруусу, тукуму, үй-бүлөсү боюнча аттары аталды.

21 Рубейин уруусундагы эркектердин саны кырк алты миң беш жүз болду.

22 Шымондун уулдарынан тараган урууларды өз-өз уруусу боюнча, үй-бүлөсү боюнча жыйырма жана андан жогорку жаштагы согушка жарактуу эркек аттууларынын бирин калтырбай, аттарын атап санап чыгышты.

23 Шымон уруусундагы эркектердин саны элүү тогуз миң үч жүз болду.

24 Гаттын уулдарынан тараган урууларды өз-өз уруусу боюнча, үй-бүлөсү боюнча жыйырма жана андан жогорку жаштагы согушка жарактуу эркек аттууларынын бирин калтырбай, аттарын атап санап чыгышты.

25 Гат уруусундагы эркектердин саны кырк беш миң алты жүз элүү болду.

26 Жүйүттүн уулдарынан тараган урууларды өз-өз уруусу боюнча, үй-бүлөсү боюнча жыйырма жана андан жогорку жаштагы согушка жарактуу эркек аттууларынын бирин калтырбай, аттарын атап санап чыгышты.

27 Жүйүт уруусундагы эркектердин саны жетимиш төрт миң алты жүз болду.

28 Исахардын уулдарынан тараган урууларды өз-өз уруусу боюнча, үй-бүлөсү боюнча жыйырма жана андан жогорку жаштагы согушка жарактуу эркек аттууларынын бирин калтырбай, аттарын атап санап чыгышты.

29 Исахар уруусундагы эркектердин саны элүү төрт миң төрт жүз болду.

30 Забулундун уулдарынан тараган урууларды өз-өз уруусу боюнча, үй-бүлөсү боюнча жыйырма жана андан жогорку жаштагы согушка жарактуу эркек аттууларынын бирин калтырбай, аттарын атап санап чыгышты.

31 Забулун уруусундагы эркектердин саны элүү жети миң төрт жүз болду.

32 Жусуптун уулу Эпрайымдын уулдарынан тараган урууларды өз-өз уруусу, үй-бүлөсү боюнча жыйырма жана андан жогорку жаштагы согушка жарактуу эркек аттууларынын бирин калтырбай, аттарын атап санап чыгышты.

33 Эпрайым уруусундагы эркектердин саны кырк миң беш жүз болду.

34 Жусуптун уулу Менашенин уулдарынан тараган урууларды өз-өз уруусу, үй-бүлөсү боюнча жыйырма жана андан жогорку жаштагы согушка жарактуу эркек аттууларынын бирин калтырбай, аттарын атап санап чыгышты.

35 Менаше уруусундагы эркектердин саны отуз эки миң эки жүз болду.

36 Бенжеминдин уулдарынан тараган урууларды өз-өз уруусу, үй-бүлөсү боюнча жыйырма жана андан жогорку жаштагы согушка жарактуу эркек аттууларынын бирин калтырбай, аттарын атап санап чыгышты.

37 Бенжемин уруусундагы эркектердин саны отуз беш миң төрт жүз болду.

38 Дандын уулдарынан тараган урууларды өз-өз уруусу, үй-бүлөсү боюнча жыйырма жана андан жогорку жаштагы согушка жарактуу эркек аттууларынын бирин калтырбай, аттарын атап санап чыгышты.

39 Дан уруусундагы эркектердин саны алтымыш эки миң жети жүз болду.

40 Ашырдын уулдарынан тараган урууларды өз-өз уруусу, үй-бүлөсү боюнча жыйырма жана андан жогорку жаштагы согушка жарактуу эркек аттууларынын бирин калтырбай, аттарын атап санап чыгышты.

41 Ашыр уруусундагы эркектердин саны кырк бир миң беш жүз болду.

42 Напталынын уулдарынан тараган урууларды өз-өз уруусу, үй-бүлөсү боюнча жыйырма жана андан жогорку жаштагы согушка жарактуу эркек аттууларынын бирин калтырбай, аттарын атап санап чыгышты.

43 Напталы уруусундагы эркектердин саны элүү үч миң төрт жүз болду.

44 Санакка киргендер мына ушулар. Аларды Муса менен Арун жана Ысрайылдын уруу башчылары – он эки уруу башчы санап чыгышты.

45 Алар Ысрайыл уулдарынын согушка жарактуу жыйырма жана андан жогорку жаштагы эркек аттууларынын баарын үй-бүлөсү боюнча санап чыгышты.

46 Алардын жалпы саны алты жүз үч миң беш жүз элүү болду.

47 Леби уруусу алар менен кошо санакка кирген жок.

48 Анткени Теңир Мусага мындай деп айткан:

49 «Леби уруусун гана тизмеге киргизбе, Ысрайыл уулдарындай кылып аларды санаба.

50 Лебилерге жыйын чатырын жана ага тиешелүү бардык нерселерди тапшырып бер. Алар жыйын чатырын жана ага тиешелүү нерселердин баарын көтөрүп жүрүшсүн, ошол жерде кызмат кылышсын жана анын тегерегине өздөрүнүн станын жайгаштырышсын.

51 Жыйын чатырын көчүргөндө, лебилер жыйнаштырсын; жыйын чатырын орнотқондо, лебилер орнотсун. Эгерде бул ишке лебилерден бөлөк бирөө жакындаса, ал өлүм жазасына тартылсын.

52 Ысрайыл уулдары өз станынын, өз туусунун жанында турушсун.

53 Теңирдин каары Ысрайыл уулдарына төгүлбөш үчүн, лебилер өз стандарын жыйын чатырынын тегерегине жайгаштырышсын. Лебилер жыйын чатырынын жанында күзөттө турушсун».

54 Теңир Мусага кандай буйруса, Ысрайыл уулдары ошондой кылышты.

**2-БӨЛҮМ**

**Уруулардын кошуун-кошуун болуп бөлүнүшү**

1 Теңир Муса менен Арунга мындай деди:

2 «Ысрайыл уулдары өз станын өз туусунун жанына, уруу белгилеринин жанына жайгаштырышсын. Стандарын жыйын чатырынын тегерегине жайгаштырышсын.

3 Жыйын чатырынын күн чыгыш тарабында Жүйүт станы туусун көтөрүп, кошуундары менен алдыңкы катарда турсун. Жүйүт уруусунун башчысы – Аминадаптын уулу Нахшон,

4 анын санакка кирген жоокерлери – жетимиш төрт миң алты жүз.

5 Анын жанына Исахар уруусунун станы жайгашсын. Исахар уруусунун башчысы – Суардын уулу Натанаел,

6 анын санакка кирген жоокерлери – элүү төрт миң төрт жүз.

7 Анын жанына Забулун уруусунун станы жайгашсын. Забулун уруусунун башчысы – Хейлондун уулу Элийап,

8 анын санакка кирген жоокерлери – элүү жети миң төрт жүз.

9 Жүйүт станынын кошуундары боюнча санакка киргендери – жүз сексен алты миң төрт жүз. Алар биринчи жөнөшсүн.

10 Жыйын чатырынын түштүк тарабында Рубейин станы туусун көтөрүп, кошуундары менен турсун. Рубейин уруусунун башчысы – Шедейурдун уулу Элитсур,

11 анын санакка кирген жоокерлери – кырк алты миң беш жүз.

12 Анын жанына Шымон уруусунун станы жайгашсын. Шымон уруусунун башчысы – Суришадай уулу Шелумиел,

13 анын санакка кирген жоокерлери – элүү тогуз миң үч жүз.

14 Андан кийин кошуунун Гат уруусу жайгаштырсын. Гат уруусунун башчысы – Ребуелдин уулу Элийасап,

15 анын санакка кирген жоокерлери – кырк беш миң алты жүз элүү.

16 Рубейин станынын кошуундары боюнча санакка киргендери – жүз элүү бир миң төрт жүз элүү. Алар экинчи жөнөшү керек.

17 Жыйын чатырын алып жөнөгөндө, лебилердин станы стандардын ортосунда болсун. Ар бир стан туусун көтөрүп, өз-өз катары менен, кандай жайгашса, ошол бойдон жөнөшү керек.

18 Жыйын чатырынын батыш тарабында Эпрайым станы туусун көтөрүп, кошуундары менен турсун. Эпрайым уруусунун башчысы – Амийуттун уулу Элишама,

19 анын санакка кирген жоокерлери – кырк миң беш жүз.

20 Анын жанына Менаше уруусу жайгашсын. Менаше уруусунун башчысы – Пыдатсур уулу Гамлиел,

21 анын санакка кирген жоокерлери – отуз эки миң эки жүз.

22 Андан кийин Бенжемин уруусу жайгашсын. Бенжемин уруусунун башчысы – Гидонинин уулу Абидан,

23 анын санакка кирген жоокерлери – отуз беш миң төрт жүз.

24 Эпрайым станынын кошуундары боюнча санакка киргендери – жүз сегиз миң бир жүз. Алар үчүнчү жөнөшү керек.

25 Жыйын чатырынын түндүк тарабында Дан станы туусун көтөрүп, кошуундары менен турсун. Дан уруусунун башчысы – Амишадайдын уулу Ахиезер,

26 анын санакка кирген жоокерлери – алтымыш эки миң жети жүз.

27 Анын жанына Ашыр уруусунун станы жайгашсын. Ашыр уруусунун башчысы – Охран уулу Пагиел,

28 анын санакка кирген жоокерлери – кырк бир миң беш жүз.

29 Андан кийин Напталы уруусу жайгашсын. Напталы уруусунун башчысы – Эйнандын уулу Акира,

30 анын санакка кирген жоокерлери – элүү үч миң төрт жүз.

31 Дан станынын кошуундары боюнча санакка киргендери – жүз элүү жети миң алты жүз. Алар тууларын көтөрүп, акыркы болуп жөнөшү керек».

32 Ысрайыл уулдарынын үй-бүлөлөрү боюнча санакка киргендери ушулар. Стандардагы кошуун-кошуун боюнча санакка киргендердин жалпы саны – алты жүз үч миң беш жүз элүү.

33 Ошентип, Теңир Мусага буйругандай, лебилер Ысрайыл уулдары менен кошо санакка кирген жок.

34 Ысрайыл уулдары Теңирдин Мусага буйругандарынын бардыгын аткарышты. Алар тууларын көтөрүп, стандары менен ушундай турушту, алар уруулары, үй-бүлөлөрү менен ушундай жол жүрүштү.

**3-БӨЛҮМ**

**Арундун уулдары**

1 Теңир Муса менен Синай тоосунда сүйлөшкөн убактагы Арун менен Мусанын санжырасы.

2 Арундун уулдарынын аттары: туну Надап, Абыйут, Элазар жана Итамар.

3 Арундун ыйык кызматка майланган, Муса дайындаган ыйык кызмат кылуучу уулдары ушулар.

4 Бирок Надап менен Абыйут Синай чөлүндө Теңирдин алдына башка от алып келип, Теңирдин алдында өлүшкөн, алардан бала калган эмес. Элазар менен Итамар атасы Арундун жанында ыйык кызмат кылуучу болуп калды.

**Леби уруусу**

5 Теңир Мусага мындай деди:

6 «Ыйык кызмат кылуучу Арундун алдына Леби уруусун алып кел. Алар Арунга кызмат кылышсын.

7 Алардын жыйын чатырында кыла турган кызматы – Арунга жана жыйын чатырынын алдындагы бүт жамаатка кызмат кылуу.

8 Алардын жыйын чатырында кыла турган кызматы – жыйын чатырынын бардык буюмдарын сактоо, Ысрайыл уулдарына кызмат кылуу.

9 Лебилерди Арундун жана анын уулдарынын карамагына бер. Алар Ысрайыл уулдарынын ичинен Арундун жана анын уулдарынын карамагына берилсин.

10 Арунду жана анын уулдарын өздөрүнүн ыйык кызмат кылуучулук милдетин аткарууга дайында. Эгерде ыйык кызматка алардан бөлөк бирөө жакындаса, ал өлүм жазасына тартылсын».

11 Теңир Мусага дагы мындай деди:

12 «Мен Ысрайыл уулдарынын жатынды жарып чыккан тундарынын ордуна лебилерди алдым. Лебилер Меники.

13 Анткени бардык тунгучтар Меники. Мен Мисир жеринде тунгучтардын баарын өлтүргөн күнү Ысрайылдын бардык тун уулдарын, малдарынын биринчи төлүн Өзүмө бөлүп алгам, алар Меники болсун, Мен Теңирмин».

**Лебилерди урууулары боюнча санап чыгуу**

14 Теңир Синай чөлүндө Мусага мындай деди:

15 «Леби уулдарын урууусу, үй-бүлөсү боюнча санап чык. Бир айлык жана андан жогорку жаштагы эркектеринин баарын санап чык».

16 Теңир кандай буйруса, Муса ошондой кылып санап чыкты.

17 «Леби уулдарынын аттары мындай: Гейиршон, Каат жана Мерари.

18 Гейиршондун уулдарынан тараган урууулардын аттары: Либни жана Шимей.

19 Кааттын уулдарынан тараган урууулардын аттары: Амрам жана Итсар, Хеброн жана Узиел.

20 Мераринин уулдарынан тараган урууулардын аттары: Махли жана Муши. Булар – Леби тукумунан тараган урууулар.

21 Гейиршондон Либни жана Шимей урууулары тараган. Булар – Гейиршон урууулары.

22 Гейиршон урууларындагы бир айлык жана андан жогорку жаштагы эркектердин саны жети миң беш жүз болду.

23 Гейиршон урууларынын станы жыйын чатырынын артына, батыш тарабына жайгашсын.

24 Гейиршон урууларынын башчысы –Лаелдин уулу Элийасап.

25 Гейиршон уулдарына жыйын чатырын, анын жабууларын, анын кире беришиндеги көшөгөсүн,

26 короонун жабууларын, жыйын чатырынын жана курмандык чалынуучу жайдын тегерегиндеги, короонун кире беришиндеги көшөгөнү, анын жиптерин, аларга тиешелүү бардык нерселерди сактоо тапшырылсын.

27 Кааттан Амрам, Итсар, Хеброн, Узиел урууулары тараган. Булар – Каат урууулары.

28 Бир айлык жана андан жогорку жаштагы, жыйын чатырын кайтарган Каат урууларындагы бардык эркектердин саны – сегиз миң алты жүз.

29 Каат уулдарынын станы жыйын чатырынын түштүк тарабына жайгашсын.

30 Каат урууларынын башчысы – Узиелдин уулу Элсапан.

31 Алар келишим сандыгын, үстөлдү, чырактанды, курмандык чалынуучу жайларды, кызматка колдонула турган ыйык идиштерди, ыйык жайдын жабуусун жана ага тиешелүү бардык нерселерди сакташсын.

32 Лебилердин башчыларынын башчысы – ыйык кызмат кылуучу Арундун уулу Элазар. Ал ыйык жайды кайтаргандарды көзөмөлдөсүн.

33 Мерари уруусунан Махли жана Муши уруулары тараган. Булар – Мерари уруулары.

34 Мерари урууларындагы бир айлык жана андан жогорку жаштагы эркектердин саны – алты миң эки жүз.

35 Мерари урууларынын башчысы – Абыкайылдын уулу Суриел. Алардын станы жыйын чатырынын түндүк тарабына жайгашсын.

36 Мерари уулдарына жыйын чатырынын устундарын, шыргыйларын, мамыларын, таканычтарын, аларга тиешелүү нерселерди,

37 короонун бардык тарабындагы мамыларын, таканычтарын, казыктарын, аркандарын сактоо тапшырылсын.

38 Муса, Арун жана анын уулдарынын станы жыйын чатырынын чыгыш тарабына, жыйын чатырынын алдына жайгашсын. Ысрайыл уулдарын сактоо үчүн, аларга ыйык жайды кайтаруу тапшырылсын. Эгерде ыйык жайга алардан бөлөк бирөө жакындаса, ал өлүм жазасына тартылсын».

39 Муса менен Арун Теңирдин буйругу боюнча санап чыккан леби урууларынын бир айлык жана андан жогорку жаштагы эркектеринин саны – жыйырма эки миң.

**Тун балдарды лебилерге алмаштыруу**

40 Теңир Мусага дагы мындай деди: «Ысрайыл уулдарынын бир айлык жана андан жогорку жаштагы тун эркек балдарынын аттарын атап санап чык.

41 Мен үчүн (Мен Теңирмин) Ысрайыл уулдарынын бардык тун уулдарынын ордуна лебилерди ал, ал эми Ысрайыл уулдарынын бардык малынын биринчи төлүнүн ордуна лебилердин малын ал».

42 Теңир буйругандай, Муса Ысрайыл уулдарынын бардык тун уулдарын санап чыкты.

43 Бир айлык жана андан жогорку жаштагы тун эркек балдарынын аттарын атап санап чыкканда, алардын саны жыйырма эки миң эки жүз жетимиш үч болду.

44 Ошондо Теңир Мусага мындай деди:

45 «Ысрайыл уулдарынын тун уулдарынын ордуна лебилерди ал, ал эми алардын малынын ордуна лебилердин малын ал. Лебилер Меники болсун, Мен Теңирмин.

46 Ысрайылдын тун эркек балдарынын лебилердин санынан ашып кеткен эки жүз жетимиш үч адамы үчүн кун төлөнсүн.

47 Киши башына ыйык шекелден беш шекел ал, бир шекелде жыйырма гер бар.

48 Алардын санынан ашып кеткендердин куну үчүн төлөнүүчү күмүштү Арунга жана анын уулдарына бер».

49 Муса лебилерге айырбашталган тун балдардын куну үчүн төлөнгөн күмүштү алды.

50 Ал Ысрайылдын тун уулдары үчүн ыйык шекелден бир миң үч жүз алтымыш беш шекел күмүш алды.

51 Муса Теңирдин айтканындай кылып, кун үчүн алган күмүштү Арунга жана анын уулдарына берди.

**4-БӨЛҮМ**

**Каат уулдарынын кызматы**

1 Теңир Муса менен Арунга мындай деди:

2 «Лебиден тараган Каат уулдарын уруусу, үй-бүлөсү боюнча санап чык.

3 Жыйын чатырындагы жумуштарды кылыш үчүн, кызмат кылууга жарактуу отуз жаштан элүү жашка чейинки эркектерин санап чык.

4 Каат уулдарынын жыйын чатырында кылган кызматы – ыйыктын ыйыгын көтөрүп жүрүү.

5 Стан жолго чыгарда, Арун жана анын уулдары жыйын чатырына кирип, көшөгөнү чечип алып, аны менен келишим сандыгын жабышсын.

6 Анан анын үстүнө деңиз жаныбарынын терисинен жасалган жабууну жабышсын, анын үстүнө ачык көк жүндөн токулган жабуу жабышсын, анан шыргыйларын киргизишсин.

7 Нан тартуусу коюлуучу үстөлгө ачык көк жүндөн жасалган жабуу жабышсын, анын үстүнө идиштерди, табактарды, кумгандарды жана куюлуучу курмандыкка арналган чөйчөктөрдү коюшсун, анын үстүндө дайыма турчу нан да болсун.

8 Анан ушулардын үстүнө кочкул кызыл түстөгү жабуу жабышсын, анын үстүнө деңиз жаныбарынын терисинен жасалган жабуу жабышсын, анан шыргыйларын киргизишсин.

9 Ачык көк жүндөн жасалган жабуу менен чырактанды жана анын чырактарын, кычкачтарын, чырак өчүргүчтөрүн жана зайтун майы куюлган идиштерин жабышсын.

10 Чырактанды жана ага тиешелүү бардык нерселерди деңиз жаныбарынын терисинен жасалган жабуу менен жаап, замбилдерге салышсын.

11 Алтындан жасалган жыпар жыттуу зат түтөтүлүүчү жайдын үстүнө ачык көк жүндөн жасалган жабуу жаап, анын үстүнө деңиз жаныбарынын терисинен жасалган жабуу жаап, шыргыйларын киргизишсин.

12 Ыйык жайда кызмат кылганда колдонулуучу буюмдарды ачык көк жүндөн жасалган жабууга ороп, анын үстүнө деңиз жаныбарынын терисинен жасалган жабуу жаап, замбилдерге салышсын.

13 Анан курмандык чалынуучу жайдын күлүн чыгарып, анын үстүнө ачык кызыл түстөгү жабуу жабышсын.

14 Анын үстүнө кызмат кылганда колдонулуучу буюмдарды: чок салгычтарды, айрыларды, калактарды, чараларды, курмандык чалынуучу жайдын бардык идиштерин салып, деңиз жаныбарынын терисинен жасалган жабуу менен жаап, шыргыйларын киргизишсин.

15 Стан жолго чыгарда, Арун менен анын уулдары ыйык жайды жана анын бардык буюмдарын жаап бүткөндөн кийин, Кааттын уулдары аларды алып жөнөш үчүн келишсин, бирок ыйык жайга колдорун

тийгизишпесин, болбосо өлүп калышат. Жыйын чатырынын бул буюмдарын Кааттын уулдары көтөрүп жүрүшсүн.

16 Ыйык кызмат кылуучу Арундун уулу Элазарга чырактанга куюлуучу зайтун майы, түтөтүлүүчү жыпар жыттуу зат, күндө алып келинүүчү нан курмандыгы, жыйын чатырына тиешелүү бардык нерселер тапшырылсын».

17 Теңир Муса менен Арунга мындай деди:

18 «Лебилердин ичинен Каат уруусун тукум курут болуудан сактагыла.

19 Алар ыйыктын ыйыгына жакын келгенде өлүп калбаш үчүн, мындай кылгыла: Арун менен анын уулдары келип, алардын кимиси эмнени көтөрөрүн көрсөтүп беришсин.

20 Бирок Арун жана анын уулдары ыйык жайды жаап жатышканда, алар өлүп калбаш үчүн, жакын келип карашпасын».

**Гейиршон уулдарынын кызматы**

21 Теңир Мусага мындай деди:

22 «Гейиршон уулдарын да уруусу, үй-бүлөсү боюнча санап чык.

23 Жыйын чатырында кызмат кылганга жарактуу отуз жаштан элүү жашка чейинки эркектерин санап чык.

24 Алардын кылар кызматы жана көтөрөр жүгү бул:

25 алар жыйын чатырынын жабууларын, жыйын чатырын, анын жабуусун, алардын үстүндөгү деңиз жаныбарынын терисинен жасалган жабууну жана жыйын чатырынын эшигиндеги көшөгөнү,

26 жыйын чатыры менен курмандык чалынуучу жайдын тегерегиндеги жабууларды, короонун эшигиндеги көшөгөнү, алардын аркандарын, аларга тиешелүү бардык буюмдарын көтөрүп жүрүшсүн жана ушул буюмдарга тиешелүү жумуштарды аткарышсын.

27 Гейиршон уулдарынын көтөрө турган жүгү, аткара турган жумушу Арундун жана анын уулдарынын буйругу боюнча болсун. Аларга көтөрүп жүргөн буюмдарын сактоону тапшыргыла.

28 Ыйык кызмат кылуучу Арундун уулу Итамар көзөмөлдүк кылган Гейиршон уулдарынын жыйын чатырында кылар кызматы жана сактап жүрүүчү буюмдары мына ушулар.

**Мерари уулдарынын кызматы**

29 Мерари уулдарын уруусу, үй-бүлөсү боюнча санап чык.

30 Жыйын чатырында кызмат кылганга жарактуу отуз жаштан элүү жашка чейинки эркектерин санап чык.

31 Алардын жыйын чатырында кыла турган кызматы мындай: жыйын чатырынын устундарын, мамыларын, шыргыйларын, таканычтарын,

32 короонун мамыларын, таканычтарын, казыктарын, аркандарын жана ага тиешелүү бардык нерселерин көтөрүп жүрүшсүн. Алар көтөрүп жүрүүгө милдеттүү болгон буюмдардын аттарын атап санап чыккыла.

33 Ыйык кызмат кылуучу Арундун уулу Итамар көзөмөлдүк кылган Мерари уулдарынын жыйын чатырындагы кылар кызматы ушул».

**Лебилердин саны**

34 Анан Муса менен Арун жана Ысрайыл уулдарынын башчылары Каат уулдарын уруусу, үй-бүлөсү боюнча санап чыгышты.

35 Жыйын чатырында кызмат кылганга жарактуу отуз жаштан элүү жашка чейинки эркектерди санап чыгышты.

36 Аларды уруулары боюнча санап чыкканда, эки миң жети жүз элүү болду.

37 Теңирдин буйругу боюнча Муса менен Арун санап чыккан Каат урууларынын ичинен жыйын чатырында кызмат кылгандары ушулар.

38 Анан Гейиршон уулдарын уруусу, үй-бүлөсү боюнча санап чыгышты.

39 Жыйын чатырында кызмат кылганга жарактуу отуз жаштан элүү жашка чейинки эркектерди санап чыгышты.

40 Аларды уруусу, үй-бүлөсү боюнча санап чыкканда, эки миң алты жүз отуз болду.

41 Теңирдин буйругу боюнча Муса менен Арун санап чыккан Гейиршон урууларынын ичинен жыйын чатырында кызмат кылгандары ушулар.

42 Анан Мерари уулдарын уруусу, үй-бүлөсү боюнча санап чыгышты.

43 Жыйын чатырында кызмат кылганга жарактуу отуз жаштан элүү жашка чейинки эркектерди санап чыгышты.

44 Аларды уруусу, үй-бүлөсү боюнча санап чыкканда, үч миң эки жүз болду.

45 Теңирдин буйругу боюнча Муса менен Арун санап чыккан Мерари урууларынын ичинен жыйын чатырында кызмат кылгандары ушулар.

46 Ошентип, Муса менен Арун жана Ысрайылдын уруу башчылары лебилерди уруусу, үй-бүлөсү боюнча санап чыгышты.

47 Алар жыйын чатырында кызмат кылууга жарактуу отуз жаштан элүү жашка чейинки жүк көтөрө турган эркектерди санап чыгышты.

48 Аларды санап чыкканда, сегиз миң беш жүз сексен болду.

49 Муса Теңирдин буйругу боюнча алардын ар бирине кыла турган жумушун, көтөрө турган жүгүн дайындады жана Теңир буйругандай санап чыкты.

**5-БӨЛҮМ**

**Кошуунду булгагандар жөнүндө**

1 Теңир Мусага мындай деди:

2 «Ысрайыл уулдарына мындай деп буйрук бер: Өздөрү жашап жаткан станды булгабашы үчүн, алар бардык пес оорулууларды, жыныстык мүчөсүнөн ириң аккандарды, өлүккө тийип булгангандарды,

3 эркек болобу, аял болобу, стандын сыртына чыгарып салышсын, алардын арасында Мен жашап жатам».

4 Ысрайыл уулдары ошондой кылышты, аларды стандын сыртына чыгарып салышты. Теңир Мусага кандай айтса, Ысрайыл уулдары ошондой кылышты.

**Күнөө үчүн кун төлөө**

5 Теңир Мусага мындай деди:

6 «Ысрайыл уулдарына айт: "Эркек болобу, аял болобу, адамга каршы кандайдыр бир күнөө кылса, анда ал Кудайга каршы кылмыш кылган болот, ал адам күнөөлүү.

7 Ал кылган күнөөсүн мойнуна алып, кечирим сурасын, кандай зыян келтирсе, ошону толугу менен төлөп берсин. Кимге каршы күнөө кылса, ошол адамдын кунунун үстүнө кунунун бештен бир бөлүгүн кошуп төлөп берсин.

8 Эгерде ал адамдын кунун ала турган мураскору жок болсо, анда анын кунун Теңирге берсин. Анын кунун күнөөсү үчүн чалынуучу кочкор менен кошо ыйык кызмат кылуучуга берсин.

9 Ысрайыл уулдарынын алып келген ыйык курмандыктарынын ичинен өйдө көтөрүп алып келген тартууларынын баары ыйык кызмат кылуучуга таандык.

10 Кимдир бирөө тарабынан арналган нерсе ыйык кызмат кылуучуга таандык. Ким ага эмне алып келсе, ошонун баары ага таандык"».

**Кызганыч жөнүндө мыйзам**

11 Теңир Мусага дагы мындай деди:

12 «Ысрайыл уулдарына мындай деп айт: "Кимдин аялы күйөөсүнүн көзүнө чөп салып, бейопалык кылса,

13 ким ал аял менен жатып, эрендигин агызса, бирок муну күйөөсү билбесе, аялы муну жашыруун кылса, үстүнөн чыккан күбөлөр болбосо, бети ачылбаса,

14 бирок ал аялдын күйөөсү шектенип кызганса, же аялы бузулса-бузулбаса да шектенип кызганса,

15 анда ал аялын ыйык кызмат кылуучуга алып келсин. Аялы үчүн курмандыкка эйфанын ондон бир бөлүгүнчөлүк арпа унунан алып келсин, бирок ага зайтун майын куйбасын, ладан салбасын, анткени бул – мыйзамсыздыкты эске салган, кызганыч үчүн алып келинген курмандык.

16 Ыйык кызмат кылуучу ал аялды, Теңирдин алдына алып келсин да,

17 чопо идишке ыйык суудан куюп, жыйын чатырынын жеринен топурак алып, сууга салсын.

18 Анан ыйык кызмат кылуучу ал аялды Теңирдин алдына алып келип, жылаңбаштап, мыйзамсыздыкты эске салган, кызганыч үчүн алып келинген курмандыкты колуна берсин, ыйык кызмат кылуучунун колунда каргышка калтыра турган ачуу суу болсун.

19 Ыйык кызмат кылуучу аялга: “Эгерде эч ким менен жатпасаң жана булганбасаң, күйөөңдүн көзүнө чөп салбасаң, анда каргышка калтыра турган мына бул ачуу суудан эч кандай зыян тартпайсың.

20 Эгерде күйөөңдүн көзүнө чөп салсаң, булгансаң, күйөөңдөн бөлөк бирөө менен жатсаң,

21 анда сага Теңирдин каргышы тийсин, элиңдин да каргышы тийсин, жатының куурап, ичиң шишип кетсин.

22 Каргышка калтыра турган мына бул суу ичиңди аралап өтсүн, ичиң шишип, жатының куурап калсын”, – деп каргыш айтып, ант ичирсин. Аял болсо “Оомийин, оомийин” десин.

23 Анан ыйык кызмат кылуучу кагазга ошол каргыш сөздөрдү жазып, аны ачуу сууга жууп салсын.

24 Анан каргышка калтыра турган сууну аялга ичирсин, ошондо каргышка калтыра турган суу аялдын ичине кирип, ага зыян келтирет.

25 Анан ыйык кызмат кылуучу аялдын колунан кызганыч үчүн алып келинген нан курмандыгын алып, Теңирдин алдында өйдө көтөрүп, курмандык чалынуучу жайга алып барсын.

26 Анан ыйык кызмат кылуучу мыйзамсыздыкты эске салган нан курмандыгынан бир ууч алып, аны курмандык чалынуучу жайда өрттөсүн, андан кийин аялга жанагы сууну ичирсин.

27 Сууну ичиргенден кийин, эгерде аял таза эмес болсо, күйөөсүнө каршы кылмыш кылса, каргышка калтыра турган ачуу суу ичине кирип, зыян келтирип, ичин шишитип, жатынын кургатат, ал аял эл ичинде жек көрүндү болот.

28 Эгерде аял булганбаган болсо, таза болсо, анда ал эч кандай зыян тартпайт, бала төрөй алат.

29 Кызганыч жөнүндөгү мыйзам ушул. Аялы күйөөсүнүн көзүнө чөп салып булганса,

30 же күйөөсү аялынан шектенип кызганса, анда ал аялын Теңирдин алдына алып келсин, ошондо ыйык кызмат кылуучу ушул мыйзамды аткарсын.

31 Ошондо күйөөсү күнөөдөн таза болот да, аялы өз күнөөсүн өзү көтөрөт».

## 6-БӨЛҮМ

### Назир болууга убада берген адам жөнүндө мыйзам

1 Теңир Мусага дагы мындай деди:

2 «Ысрайыл уулдарына мындай деп айт: “Эркек же аял Теңирдин назири болууга өзүн арнаш үчүн, назир болуу убадасын берүүгө чечим чыгарса,

3 анда ал шараптан, ичимдиктен баш тартсын. Ал ачуу шараптын сиркесин, күчтүү ичимдиктин сиркесин, жүзүмдөн жасалган эч бир суусундукту ичпесин, жүзүмдүн өзүн да, кургатылганын да жебесин.

4 Назир болуп турган убагында жүзүмдүн данегин да, кабыгын да, жүзүмдөн жасалган эч бир нерсени жебесин.

5 Назир болууга убада берген күндөрүндө анын башына устара тийбесин, өзүн Теңирдин назири болууга арнаган күндөрү бүткөнгө чейин, ал ыйык болуп эсептелет. Чачын өстүрсүн.

6 Өзүн Теңирдин назири болууга арнаган күндөрү өлүккө жакындабасын.

7 Эгерде атасы же энеси, агасы же иниси, эжеси же карындашы өлсө, алардын өлүгүнө жакындап булганбасын, анткени анын өзүн Кудайга арнаган белгиси өзүнүн башында.

8 Өзүн назирликке арнаган күндөрү ал Теңирдин ыйыгы болуп эсептелет.

9 Эгерде анын жанында бирөө кокустан өлүп, назир экенин билдирген башын булгап алса, анда ал күнөөдөн тазалана турган жетинчи күнү чачын алдырсын.

10 Сегизинчи күнү эки бактекти же эки жаш көгүчкөндү алып келип, жыйын чатырынын алдындагы ыйык кызмат кылуучуга берсин.

11 Ыйык кызмат кылуучу эки канаттуунун бирин күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка чалып, экинчисин бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка чалсын. Өлүккө тийип булганган аны ошентип тазалап, ошол күнү анын башын ыйыктасын.

12 Анан Теңирдин назири болууга арнаган күндөрүн кайрадан улантыш үчүн, айып үчүн чалынуучу курмандыкка бир жылдык козу алып келсин, анткени анын назирлиги бузулуп, мурдагы күндөрү эсептелбей калды.

13 Назир жөнүндөгү мыйзам мындай: анын назирлик күндөрү бүткөндөн кийин, аны жыйын чатырынын алдына алып келиш керек,

14 ал Теңирге арнап бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка кемчилиги жок бир жылдык козу, күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка кемчилиги жок бир жылдык ургаачы козу, тынчтык курмандыгына кемчилиги жок бир кочкор,

15 бир себетке буудай унунан жасалган ачыткысыз нан, зайтун майы кошулуп бышырылган нан жана зайтун майы сыйпалган ачыткысыз токоч, бул нан курмандыгы менен бирге куюлуучу курмандык алып келсин.

16 Ыйык кызмат кылуучу ушулардын баарын Теңирдин алдына алып келсин. Анан анын күнөөсү үчүн алып келген курмандыгын, бүтүндөй өрттөө үчүн алып келген курмандыгын чалсын.

17 Анан Теңирге арнап тынчтык курмандыгына кочкор, аны менен кошо бир себет ачыткысыз нан алып келсин, ыйык кызмат кылуучу анын нан курмандыгы менен куюлуучу курмандыгын да Теңирдин алдына алып келсин.

18 Назир болгон адам жыйын чатырынын алдына келип, назирлигин билдирген чачын алып, өрттөлүп жаткан тынчтык курмандыгынын астындагы отко салсын.

19 Назир өзүнүн назирлигин билдирген чачын алгандан кийин, ыйык кызмат кылуучу кочкордун бышкан санын, себеттеги ачыткысыз нандан бирди, ачыткысыз токочтон бирди алып, анын колуна берсин.

20 Анан ыйык кызмат кылуучу аларды Теңирдин алдында силкилдетсин. Силкилдетиле турган төш менен өйдө көтөрүлө турган сандан тышкары бул ыйык курмандык да ыйык кызмат кылуучуга таандык. Назир болгон адам ушундан кийин гана шарап ичсе болот.

21 Назир болууга сөз берген адам жөнүндөгү, назирлиги үчүн алып келе турган курмандыгы жөнүндөгү, андан сырткары мүмкүнчүлүгүнө жараша алып келе турган курмандыгы жөнүндөгү мыйзам ушул. Ал назирлик жөнүндөгү мыйзамда жазылгандан сырткары кандай убада берсе, ошону аткарсын”».

**Ыйык кызмат кылуучулардын батасы**

22 Теңир Мусага дагы мындай деди:

23 «Арунга жана анын уулдарына айт, алар Ысрайыл уулдарына мындай деп бата беришсин:

24 "Теңир сага батасын берсин, сени сактасын!

25 Теңир сени мээримдүү жүзү менен карасын, сага ырайым кылсын!

26 Теңир сага назарын салсын, сага тынчтык берсин!"

27 Алар Менин атымдан Ысрайыл уулдарына ушинтип бата беришсин, ошондо Мен аларга батамды берем».

**7-БӨЛҮМ**

**Уруу башчыларынын курмандыктары**

1 Муса жыйын чатырын орноткондон кийин, жыйын чатырын жана ага тиешелүү бардык нерселерди майлоочу май менен ыйыктады. Анан курмандык чалынуучу жайды жана ага тиешелүү бардык нерселерди майлап ыйыктады.

2 Анан Ысрайыл урууларын санап чыккан уруу башчылары келишти. Алар – Ысрайылдын он эки уруусунун башчылары.

3 Алар Теңирдин алдына курмандыкка он эки өгүзгө чегилген чүмкөмө алты майдан араба алып келип, жыйын чатырынын алдына коюшту. Алардын ар бири бирден өгүз чыгарды, ал эми эки башчы биригип бирден майдан араба чыгарды.

4 Анан Теңир Мусага мындай деди:

5 «Алардын курмандыктарын ал, алар жыйын чатырынын жумуштарына керек, аларды лебилерге кызматына жараша бөлүштүрүп бер».

6 Муса майдан арабалар менен өгүздөрдү алып, лебилерге берди.

7 Гейиршондун уулдарына кызматына жараша эки майдан араба менен төрт өгүздү берди.

8 Ыйык кызмат кылуучу Арундун уулу Итамардын көзөмөлү астындагы Мераринин уулдарына кызматына жараша төрт майдан араба менен сегиз өгүздү берди.

9 Ал эми Кааттын уулдарына берген жок, анткени алардын кызматы – ыйыктын ыйыгын ийиндерине көтөрүп жүрүү, алар ыйыктын ыйыгын ийиндерине көтөрүп жүрүшү керек.

10 Курмандык чалынуучу жайды ыйыктап майлай турган күнү уруу башчылары курмандыктарын алып келип, курмандык чалынуучу жайдын алдына коюшту.

11 Ошондо Теңир Мусага мындай деди: «Курмандык чалынуучу жайды ыйыкташ үчүн, күнүнө бирден уруу башчы өз курмандыктарын алып келсин».

12 Биринчи күнү Жүйүт уруусунан Аминадаптын уулу Нахшон өз курмандыктарын алып келди.

13 Анын алып келген курмандыктары булар: нан курмандыгы үчүн зайтун майы кошулган буудай унун ыйык шекел менен эсептегенде, салмагы бир жүз отуз шекел болгон бир күмүш чара менен, салмагы жетимиш шекел болгон күмүш табак менен толтура алып келди.

14 Түтөтүлүүчү заттар толтура салынган, салмагы он шекел болгон алтын идиш алып келди.

15 Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка бир букачар, бир кочкор, бир жылдык бир козу,

16 күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка бир теке,

17 тынчтык курмандыгына эки өгүз, беш кочкор, беш теке, бир жылдык беш козу алып келди. Булар – Аминадаптын уулу Нахшондун курмандыктары.

18 Экинчи күнү Исахар уруусунун башчысы Суардын уулу Натанаел өз курмандыктарын алып келди.

19 Анын алып келген курмандыктары булар: нан курмандыгы үчүн зайтун майы кошулган буудай унун ыйык шекел менен эсептегенде, салмагы бир жүз отуз шекел болгон бир күмүш чара менен, салмагы жетимиш шекел болгон күмүш табак менен толтура алып келди.

20 Түтөтүлүүчү заттар толтура салынган, салмагы он шекел болгон алтын идиш алып келди.

21 Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка бир букачар, бир кочкор, бир жылдык бир козу,

22 күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка бир теке,

23 тынчтык курмандыгына эки өгүз, беш кочкор, беш теке, бир жылдык беш козу алып келди. Булар – Суардын уулу Натанаелдин курмандыктары.

24 Үчүнчү күнү Забулун уруусунун башчысы Хейлондун уулу Элийап өз курмандыктарын алып келди.

25 Анын алып келген курмандыктары булар: нан курмандыгы үчүн зайтун майы кошулган буудай унун ыйык шекел менен эсептегенде, салмагы бир жүз отуз шекел болгон бир күмүш чара менен, салмагы жетимиш шекел болгон күмүш табак менен толтура алып келди.

26 Түтөтүлүүчү заттар толтура салынган, салмагы он шекел болгон алтын идиш алып келди.

27 Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка бир букачар, бир кочкор, бир жылдык бир козу,

28 күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка бир теке,

29 тынчтык курмандыгына эки өгүз, беш кочкор, беш теке, бир жылдык беш козу алып келди. Булар – Хейлондун уулу Элийаптын курмандыктары.

30 Төртүнчү күнү Рубейин уруусунун башчысы Шедейурдун уулу Элитсур өз курмандыктарын алып келди.

31 Анын алып келген курмандыктары булар: нан курмандыгы үчүн зайтун майы кошулган буудай унун ыйык шекел менен эсептегенде, салмагы бир жүз отуз шекел болгон бир күмүш чара менен, салмагы жетимиш шекел болгон күмүш табак менен толтура алып келди.

32 Түтөтүлүүчү заттар толтура салынган, салмагы он шекел болгон алтын идиш алып келди.

33 Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка бир, букачар, бир кочкор, бир жылдык бир козу,

34 күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка бир теке,

35 тынчтык курмандыгына эки өгүз, беш кочкор, беш теке, бир жылдык беш козу алып келди. Булар – Шедейурдун уулу Элитсурдун курмандыктары.

36 Бешинчи күнү Шымон уруусунун башчысы Суришадайдын уулу Шелумиел курмандыктарын алып келди.

36 Анын алып келген курмандыктары булар: нан курмандыгы үчүн зайтун майы кошулган буудай унун ыйык шекел менен эсептегенде, салмагы бир жүз отуз шекел болгон бир күмүш чара менен, салмагы жетимиш шекел болгон күмүш табак менен толтура алып келди.

38 Түтөтүлүүчү заттар толтура салынган, салмагы он шекел болгон алтын идиш алып келди.

39 Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка бир букачар, бир кочкор, бир жылдык бир козу,

40 күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка бир теке,

41 тынчтык курмандыгына эки өгүз, беш кочкор, беш теке, бир жылдык беш козу алып келди. Булар – Суришадайдын уулу Шелумиелдин курмандыктары.

42 Алтынчы күнү Гат уруусунун башчысы Ребуелдин уулу Элийасап өз курмандыктарын алып келди.

43 Анын алып келген курмандыктары булар: нан курмандыгы үчүн зайтун майы кошулган буудай унун ыйык шекел менен эсептегенде, салмагы бир жүз отуз шекел болгон бир күмүш чара менен, салмагы жетимиш шекел болгон күмүш табак менен толтура алып келди.

44 Түтөтүлүүчү заттар толтура салынган, салмагы он шекел болгон алтын идиш алып келди.

45 Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка бир букачар, бир кочкор, бир жылдык бир козу,

46 күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка бир теке,

47 тынчтык курмандыгына эки өгүз, беш кочкор, беш теке, бир жылдык беш козу алып келди. Булар – Ребуелдин уулу Элийасаптын курмандыктары.

48 Жетинчи күнү Эпрайым уруусунун башчысы Амийуттун уулу Элишама өз курмандыктарын алып келди.

49 Анын алып келген курмандыктары булар: нан курмандыгы үчүн зайтун майы кошулган буудай унун ыйык шекел менен эсептегенде, салмагы бир жүз отуз шекел болгон бир күмүш чара менен, салмагы жетимиш шекел болгон күмүш табак менен толтура алып келди.

50 Түтөтүлүүчү заттар толтура салынган, салмагы он шекел болгон алтын идиш алып келди.

51 Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка бир букачар, бир кочкор, бир жылдык бир козу,

52 күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка бир теке,

53 тынчтык курмандыгына эки өгүз, беш кочкор, беш теке, бир жылдык беш козу алып келди. Булар – Амийуттун уулу Элишаманын курмандыктары.

54 Сегизинчи күнү Менаше уруусунун башчысы Пыдатсурдун уулу Гамлиел өз курмандыктарын алып келди.

55 Анын алып келген курмандыктары булар: нан курмандыгы үчүн зайтун майы кошулган буудай унун ыйык шекел менен эсептегенде, салмагы бир жүз отуз шекел болгон бир күмүш чара менен, салмагы жетимиш шекел болгон күмүш табак менен толтура алып келди.

56 Түтөтүлүүчү заттар толтура салынган, салмагы он шекел болгон алтын идиш алып келди.

57 Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка бир букачар, бир кочкор, бир жылдык бир козу,

58 күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка бир теке,

59 тынчтык курмандыгына эки өгүз, беш кочкор, беш теке, бир жылдык беш козу алып келди. Булар – Пыдатсурдун уулу Гамлиелдин курмандыктары.

60 Тогузунчу күнү Бенжемин уруусунун башчысы Гидонинин уулу Абидан өз курмандыктарын алып келди.

61 Анын алып келген курмандыктары булар: нан курмандыгы үчүн зайтун майы кошулган буудай унун ыйык шекел менен эсептегенде, салмагы бир жүз отуз шекел болгон бир күмүш чара менен, салмагы жетимиш шекел болгон күмүш табак менен толтура алып келди.

62 Түтөтүлүүчү заттар толтура салынган, салмагы он шекел болгон алтын идиш алып келди.

63 Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка бир букачар, бир кочкор, бир жылдык бир козу,

64 күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка бир теке,

65 тынчтык курмандыгына эки өгүз, беш кочкор, беш теке, бир жылдык беш козу алып келди. Булар – Гидонинин уулу Абидандын курмандыктары.

66 Онунчу күнү Дан уруусунун башчысы Амишадайдын уулу Ахиезер өз курмандыктарын алып келди.

67 Анын алып келген курмандыктары булар: нан курмандыгы үчүн зайтун майы кошулган буудай унун ыйык шекел менен эсептегенде, салмагы бир жүз отуз шекел болгон бир күмүш чара менен, салмагы жетимиш шекел болгон күмүш табак менен толтура алып келди.

68 Түтөтүлүүчү заттар толтура салынган, салмагы он шекел болгон алтын идиш алып келди.

69 Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка бир букачар, бир кочкор, бир жылдык бир козу,

70 күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка бир теке,

71 тынчтык курмандыгына эки өгүз, беш кочкор, беш теке, бир жылдык беш козу алып келди. Булар – Амишадайдын уулу Ахиезердин курмандыктары.

72 Он биринчи күнү Ашыр уруусунун башчысы Охрандын уулу Пагиел өз курмандыктарын алып келди.

73 Анын алып келген курмандыктары булар: нан курмандыгы үчүн зайтун майы кошулган буудай унун ыйык шекел менен эсептегенде, салмагы бир жүз отуз шекел болгон бир күмүш чара менен, салмагы жетимиш шекел болгон күмүш табак менен толтура алып келди.

74 Түтөтүлүүчү заттар толтура салынган, салмагы он шекел болгон алтын идиш алып келди.

75 Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка бир букачар, бир кочкор, бир жылдык бир козу,

76 күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка бир теке,

77 тынчтык курмандыгына эки өгүз, беш кочкор, беш теке, бир жылдык беш козу алып келди. Булар – Охрандын уулу Пагиелдин курмандыктары.

78 Он экинчи күнү Напталы уруусунун башчысы Эйнандын уулу Акира өз курмандыктарын алып келди.

79 Анын алып келген курмандыктары булар: нан курмандыгы үчүн зайтун майы кошулган буудай унун ыйык шекел менен эсептегенде, салмагы бир жүз отуз шекел болгон бир күмүш чара менен, салмагы жетимиш шекел болгон күмүш табак менен толтура алып келди.

80 Түтөтүлүүчү заттар толтура салынган, салмагы он шекел болгон алтын идиш алып келди.

81 Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка бир букачар, бир кочкор, бир жылдык бир козу,

82 күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка бир теке,

83 тынчтык курмандыгына эки өгүз, беш кочкор, беш теке, бир жылдык беш козу алып келди. Булар – Эйнандын уулу Акиранын курмандыктары.

84 Курмандык чалынуучу жайды ыйыктап майлаган күнү Ысрайыл уулдарынын уруу башчыларынын алып келген курмандыктары мына булар: он эки күмүш чара, он эки күмүш табак, он эки алтын идиш.

85 Ар бир чаранын салмагы жүз отуз күмүш шекел, ар бир табактын салмагы жетимиш күмүш шекел. Ошентип, ыйык шекел менен эсептегенде, бул идиштердин жалпы салмагы эки миң төрт жүз күмүш шекел болду.

86 Түтөтүлүүчү заттар салынган он эки алтын идиштин ар биринин салмагы, ыйык шекел менен эсептегенде, он шекел болду. Жыпар жыттуу зат түтөтүлүүчү идиштердин алтынынын жалпы салмагы жүз жыйырма шекел болду.

87 Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка бодо малдан он эки букачар, он эки кочкор, бир жылдык он эки козу, ошондой эле нан курмандыгына жана күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка он эки теке,

88 тынчтык курмандыгына бодо малдан бардыгы болуп жыйырма төрт букачар, алтымыш кочкор, алтымыш теке, бир жылдык алтымыш козу алып келишти. Курмандык чалынуучу жайды ыйыктап майлагандан кийин алып келинген курмандыктар ушулар.

89 Муса Теңир менен сүйлөшүү үчүн жыйын чатырына киргенде, келишим сандыгынын капкагынын үстүндөгү эки керуптун ортосунан өзүнө сүйлөгөн Теңирдин үнүн угуп, Аны менен сүйлөштү.

**8-БӨЛҮМ**

**Чырактар жөнүндө**

1 Ошондо Теңир Мусага мындай деди:

2 «Арунга мындай деп айт: “Ал чырактандын үстүндөгү жети чыракты күйгүзгөндө, чырак чырактандын алды жагына жарык берип тургудай болсун”».

3 Теңир Мусага кандай буйруса, Арун ошондой кылды: чырактандын үстүндөгү жети чыракты чырактандын алды жагына жарык берип тургудай кылып күйгүздү.

4 Чырактан өзөгүнөн баштап гүлдөрүнө чейин алтындан чегилип жасалган. Ал чырактанды Теңирдин Мусага көрсөткөн үлгүсү боюнча жасаган.

**Лебилерди ыйык кызматка дайындоо**

5 Теңир Мусага дагы мындай деди:

6 «Ысрайыл уулдарынын арасынан лебилерди бөлүп алып, аларды ыйыкта.

7 Аларды мындай кылып ыйыкта: аларга ыйыктоочу суудан чач. Алар денесиндеги түктөрүн устара менен кырып, кийимдерин жуушсун, ошондо таза болушат.

8 Анан бир букачар, буудай унунан зайтун майы кошулуп жасалган нан курмандыгын, күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка дагы бир букачар алып келишсин.

9 Анан лебилерди жыйын чатырынын алдына алып келип, Ысрайыл уулдарынын бүт жамаатын чогулт.

10 Анан лебилерди Теңирдин алдына алып кел, Ысрайыл уулдары колдорун лебилердин башына коюшсун.

11 Арун болсо Ысрайыл уулдарынын арасынан бөлүнүп алынган лебилерди Теңирдин алдында кызмат кылуу үчүн, Теңирге арнасын.

12 Лебилер болсо колдорун букачарлардын башына коюшсун. Анан букачарлардын бирин күнөө үчүн курмандыкка чал, лебилерди күнөөсүнөн тазалоо үчүн, экинчисин Теңирге арнап бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка чал.

13 Анан лебилерди Арундун алдына, анын уулдарынын алдына коюп, аларды Теңирге арна.

14 Ошентип, лебилер Меники болушу үчүн, лебилерди Ысрайылдан бөлүп ал.

15 Сен аларды ыйыктап, Мага арнагандан кийин гана алар жыйын чатырына кызмат кылуу үчүн киришет. Анткени Ысрайыл уулдарынын ичинен алар Мага берилген.

16 Мен аларды Ысрайыл уулдарынын бардык тун уулдарынын ордуна Өзүмө алдым.

17 Анткени Ысрайыл уулдарынын тун уулдары, малдарынын биринчи төлү Меники. Мисир жериндеги бардык тунгучтарды өлтүргөн күнү Мен аларды Өзүмө бөлүп алгам.

18 Ошондо Ысрайыл уулдарынын бардык тун уулдарынын ордуна лебилерди алгам.

19 Мен Ысрайыл уулдарынын ичинен лебилерди Арундун жана анын уулдарынын карамагына бердим. Аларды Ысрайыл уулдары үчүн жыйын чатырында кызмат кылууга жана Ысрайыл уулдары жыйын чатырына кирип өлүп калбашы үчүн, Ысрайыл уулдарын кайтарып турууга дайындадым».

20 Муса менен Арун жана Ысрайыл уулдарынын бүт жамааты лебилерди дал ошондой кылышты. Теңир Мусага лебилер тууралуу кандай буйруса, Ысрайыл уулдары лебилерди ошондой кылышты.

21 Ошентип, лебилер тазаланышты, кийимдерин жуушту. Алар таза болушу үчүн, Арун аларды тазалады. Арун аларды Теңирге арнады.

22 Ошондон кийин гана лебилер Арундун жана анын уулдарынын алдында жыйын чатырында кызмат кылуу үчүн киришти. Теңир лебилер тууралуу Мусага кандай буйруса, алар так ошондой кылышты.

23 Теңир Мусага дагы мындай деди:

24 «Лебилер тууралуу мыйзам мындай: жыйырма беш жана андан жогорку жаштагы леби жыйын чатырында кызмат кылсын.

25 Ал эми элүү жашка чыкканда, кызмат кылуусун токтотсун, андан ары иштебесин.

26 Андан ары алар жыйын чатырын кайтарып, бир туугандарына жардам беришсин, бирок иштешпесин. Лебилер ушундай кылышсын».

**9-БӨЛҮМ**

**Экинчи Пасах**

1 Теңир Ысрайыл уулдарын Мисир жеринен алып чыккандан кийин, экинчи жылдын биринчи айында, Синай чөлүндө Теңир Мусага мындай деди:

2 «Ысрайыл уулдары Пасах майрамын өзүнүн белгиленген убагында өткөрүшсүн.

3 Пасах майрамын ушул айдын он төртүнчү күнү кечинде, өзүнүн белгиленген убагында өткөргүлө. Аны бардык мыйзамы, тартиби боюнча өткөргүлө».

4 Анан Муса Ысрайыл уулдарына: «Пасахты өткөргүлө», – деди.

5 Ошондо алар биринчи айдын он төртүнчү күнү кечинде Синай чөлүндө Пасах өткөрүштү. Теңир Мусага кандай буйруса, Ысрайыл уулдары ошондой кылып өткөрүштү.

6 Ошол күнү өлгөн адамдын денесине кол тийгизип, таза эмес болгон адамдар да болду, ошондуктан алар Пасахты өткөрө алышкан жок. Ошол күнү алар Муса менен Арунга келип, мындай дешти:

7 «Биз өлгөн адамдын денесине кол тийгизип, таза эмес болуп калдык. Эмне үчүн бизди Ысрайыл уулдары менен бирге Теңирге белгиленген убакта курмандык алып келүү укугунан ажыратып жатышат?»

8 Ошондо Муса аларга: «Токтогула, силер тууралуу Теңир кандай буйрук берерин угайын», – деди.

9 Анан Теңир Мусага мындай деди:

10 «Ысрайыл уулдарына мындай деп айт: Эгерде силердин араңардан же силердин тукумуңардын ичинен кимдир бирөө өлгөн адамдын денесине тийип, таза эмес болуп калса, же болбосо алыскы сапарда жүрсө, ошондо да ал Теңирдин Пасахын өткөрүүгө тийиш.

11 Андай адамдар экинчи айдын он төртүнчү күнү кечинде Пасахты ачыткысыз нан, ачуу чөп жеп өткөрүшсүн.

12 Пасахтын тамагынан эртең мененкиге калтырышпасын, анын сөөктөрүн сындырышпасын, Пасахты өзүнүн бардык эрежеси менен өткөрүшсүн.

13 Таза адам же сапарда жүрбөгөн адам Пасахты өткөрбөй койсо, ал эл арасынан жок кылынсын, анткени белгиленген убакта ал Теңирге курмандык алып келген жок, өз күнөөсүн өзү көтөрсүн.

14 Эгерде силердин араңарда келгин жашаса, ал да Теңирдин Пасахын өткөрүүгө тийиш. Ал аны бардык мыйзамы, тартиби менен өткөрүүгө тийиш. Келгин үчүн да, жергиликтүү тургун үчүн да бирдей мыйзам болсун».

**Багыт берүүчү булут**

15 Жыйын чатырын орноткон күнү жыйын чатырын булут каптап, ал жыйын чатырынын үстүндө кеч киргенден таң атканга чейин от сыяктуу болуп турду.

16 Дайыма ушундай болуп турду. Ал күндүз булут мамы, түнкүсүн от мамы болуп турду.

17 Булут жыйын чатырынан көтөрүлгөндө, Ысрайыл уулдары жолго чыгышчу, булут токтогон жерге Ысрайыл уулдарынын станы токточу.

18 Ысрайыл уулдары Теңирдин буйругу боюнча жолго чыгышчу, Теңирдин буйругу боюнча токтошчу. Булут жыйын чатырынын үстүндө канча турса, алар да ошончо турушчу.

19 Эгерде булут жыйын чатырынын үстүндө узак убакытка туруп калса, анда Ысрайыл уулдары Теңирдин ушул буйругу боюнча токтоп турушчу.

20 Кээде булут жыйын чатырынын үстүндө аз эле убакыт турчу, ошондо алар Теңирдин буйругу боюнча токтошчу, Теңирдин буйругу боюнча жолго чыгышчу.

21 Кээде булут жыйын чатырынын үстүндө кеч киргенден таң атканга чейин туруп, таң атканда көтөрүлчү, ошондо алар жолго чыгышчу же булут бир күн, бир түн туруп көтөрүлгөндө, алар жолго чыгышчу.

22 Булут жыйын чатырынын үстүндө эки күн, же бир ай, же бир нече күн турганда, Ысрайыл уулдары жолго чыгышчу эмес, ал көтөрүлгөн кезде гана алар жолго чыгышчу.

23 Алар Теңирдин көрсөтмөсү боюнча токтошчу, Теңирдин көрсөтмөсү боюнча жолго чыгышчу. Алар Теңирдин Муса аркылуу берген буйругу боюнча Теңирдин көрсөтмөсүн аткарышчу.

**10-БӨЛҮМ**

**Күмүш сурнайлар**

1 Теңир Мусага дагы мындай деди:

2 «Күмүштөн эки сурнай жаса, аларды чегип жаса. Сурнайларды сен жамаатты чакырыш үчүн, станды ордунан жылдырыш үчүн колдон.

3 Сурнайлар тартылганда, бүткүл жамаат жыйын чатырынын алдына чогулат.

4 Бир сурнай тартылганда, төрөлөр менен Ысрайылдын миң башылары чогулат.

5 Сурнайды үзүп-үзүп тартканда, жыйын чатырынын чыгыш тарабында турган стандар козголот.

6 Сурнайды экинчи ирет үзүп-үзүп тартканда, жыйын чатырынын түштүк тарабында турган стандар козголот. Стан жолго чыгарда, сурнайларды үзүп-үзүп тартышсын.

7 Элди жыйынга чакырарда, сурнайларды үзбөй тарткыла.

8 Сурнайларды Арундун уулдары – ыйык кызмат кылуучулар гана тартышсын. Бул көрсөтмө силердин укум-тукумуңарга түбөлүк калсын.

9 Жериңерге кол салган душмандарыңар менен согушарда, сурнайларыңарды үзүп-үзүп тарткыла, ошондо Кудай-Теңириңер силерди эстеп, душмандарыңардан куткарат.

10 Көңүл ачкан күндөрүңөрдө, майрамдарыңарда, ай жаңырганда, бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктар менен тынчтык курмандыктарын чалганыңарда, сурнайларыңарды тарткыла. Бул сурнай силерди Кудайыңар эсине алышы үчүн тартылат. Мен силердин Кудай-Теңириңермин».

**Ысрайылдыктардын жол жүрүү тартиби**

11 Экинчи жылдын экинчи айынын жыйырманчы күнү жыйын чатырынын үстүнөн булут көтөрүлдү.

12 Ошондо Ысрайыл уулдары станы менен Синай чөлүнөн чыгышты. Булут болсо Паран чөлүнө келип токтоду.

13 Ошентип, алар биринчи жолу Теңирдин Муса аркылуу берген буйругу боюнча жолго чыгышты.

14 Биринчи болуп Жүйүт станы туусун көтөрүп, кошуундары менен жолго чыкты. Алардын кошуун башында Аминадаптын уулу Нахшон турду.

15 Исахар уруусунун кошуун башында Суардын уулу Натанаел турду.

16 Забулун уулдарынын кошуун башында Хейлондун уулу Элийап турду.

17 Жыйын чатыры чечилгенден кийин, аны Гейиршон уулдары менен Мерари уулдары көтөрүп жөнөштү.

18 Анан Рубейин станы туусун көтөрүп, кошуундары менен жолго чыкты. Алардын кошуун башында Шедейурдун уулу Элитсур турду.

19 Шымон уулдарынын кошуун башында Суришадайдын уулу Шелумиел турду.

20 Гат уулдарынын кошуун башында Ребуелдин уулу Элийасап турду.

21 Андан кийин ыйык жайды көтөргөн Кааттын уулдары жөнөштү. Жыйын чатырын болсо алар келгиче орнотуп коюшчу.

22 Анан Эпрайым станы туусун көтөрүп, кошуундары менен жолго чыкты. Алардын кошуун башында Амийуттун уулу Элишама турду.

23 Менаше уулдарынын кошуун башында Пыдатсурдун уулу Гамлиел турду.

24 Бенжемин уулдарынын кошуун башында Гидонинин уулу Абидан турду.

25 Акыркы болуп Дан станы туусун көтөрүп, кошуундары менен жолго чыкты. Алардын кошуун башында Амишадайдын уулу Ахиезер турду.

26 Ашыр уулдарынын кошуун башында Охрандын уулу Пагиел турду.

27 Напталы уулдарынын кошуун башында Эйнандын уулу Акира турду.

28 Ысрайыл уулдарынын кошуундары ушундай тартип менен жолго чыгышты.

29 Ошондо Муса мидиандык тууганы Ребуелдин уулу Хобапка мындай деди: «Биз азыр Теңир берем деп убада кылган жерге жөнөйбүз. Биз менен жүр, биз сага жакшылык кылабыз, анткени Теңир Ысрайылга жакшылык убада кылган».

30 Бирок ал: «Барбайм, мен өз жериме, өз мекениме барам», – деди.

31 Ошондо Муса ага мындай деди: «Бизди таштаба, анткени сен станыбызды чөлдө кантип жайгаштырып жатканыбызды билесиң, бизге жол көрсөтүүчү бол.

32 Эгерде биз менен барсаң, Теңирдин бизге кыла турган жакшылыгына үлүштөш болосуң».

33 Анан алар Теңирдин тоосунан жолго чыгып, үч күн жол жүрүштү. Теңирдин келишим сандыгын көтөргөндөр кошуун токтой турган жерди табыш үчүн, үч күн бою алдыда жол жүрүштү.

34 Алар жолго чыкканда, күндүз Теңирдин булуту аларга жол көрсөтүп турду.

35 Келишим сандыгын көтөргөндөр жолго чыкканда, Муса мындай дечү: «Теңир, ордуңан тур! Сен ордуңан турганда, Сенин душмандарың чачырап кетсин, Сени жек көргөндөр Сенин жүзүңдөн качсын!»

36 Келишим сандыгын көтөргөндөр токтогондо, Муса мындай дечү: «Теңир, миңдеген, түмөндөгөн Ысрайыл уулдарына кайрылып кел!»

## 11-БӨЛҮМ

### Табейрадагы Теңирдин оту

1 Эл Теңирге наалый баштады. Теңир алардын наалыганын угуп, каарданды. Теңирдин оту түшүп, станды четинен жок кыла баштады.

2 Ошондо эл Мусаны жардамга чакырды. Муса Теңирге сыйынды, от өчтү.

3 Ушул жерде аларга Теңирдин оту түшкөндүктөн, ал жерди Табейра деп аташты.

### Жетимиш аксакал

4 Алардын арасындагы бөтөн элдер тамакты эңсей башташты. Аларга кошулуп Ысрайыл уулдары да отуруп алып, мындай деп ыйлай башташты: «Бизди ким этке тойгузат?

5 Мисирдеги бекер жеген балык, бадыраң, коон, пияз, көк пияз, сарымсак эсибизден кетпейт.

6 Азыр болсо алыбыз кетип баратат, маннадан башка жегенге эч нерсе жок».

7 Маннанын сырткы көрүнүшү кориандр дарагынын уругуна, түсү жыпар жыттуу чайырдыкына окшош эле.

8 Эл аны терип алып, жаргылчакка тартып же сокуга жанчып, казанга салып, токоч жасачу, анын даамы зайтун майы кошулган токочтун даамындай эле.

9 Стан жайгашкан жерге түнкүсүн шүүдүрүм түшкөндө, манна да түшчү.

10 Муса ар бир үй-бүлөнүн өз чатырынын алдында ыйлап отурганын укту. Ошондо Теңир катуу каарданды, Муса да буга кайгырды.

11 Анан Муса Теңирге мындай деди: «Эмне үчүн Өз кулуңду кыйнап жатасың? Эмне үчүн мен Сенин алдыңда ырайым таппадым? Эмне үчүн бүт элдин түйшүгүн мага жүктөп жатасың?

12 Сен бул элдин ата-бабаларына берем деп, ант менен убада кылган жерге мени бала багуучу аял сыяктуу бул элди колуңа көтөрүп алып бар дегидей, бул элди курсагыма мен көтөрүп, мен төрөдүм беле?

13 Бул элдин баарына жеткидей этти кайдан табам? Анткени булар мага: “Бизге эт бер”, – деп ыйлап жатышат.

14 Мен бүт элди жалгыз көтөрүп жүрө албайм, бул мен үчүн оор.

15 Мага ушундай кылганыңдан көрө, мени өлтүрүп салганың артык. Эгер мен Сенин алдыңда ырайым тапкан болсом, азап тартпайын».

16 Ошондо Теңир Мусага мындай деди: «Мага Ысрайыл аксакалдарынын ичинен жетимиш киши чогултуп кел. Алар сен билген уруу аксакалдары менен көзөмөлдөөчүлөрү болсун. Алар сени менен кошо жыйын чатырынын алдында турушсун.

17 Ошондо Мен келип, сени менен сүйлөшөм. Элдин түйшүгүн сен жалгыз көтөрбөй, сени менен бирге алар да көтөрүшү үчүн, сенин үстүңдөгү Рухтан алып, аларга салам.

18 Элге болсо мындай де: “Эртеңки күнгө даярдангыла, эртең эт жейсиңер. Анткени силер Теңирге: «Бизди ким этке тойгузат? Бизге Мисирде жакшы болчу», – деп ыйлагансыңар. Эми Теңир силерге эт берет, силер эми эт жейсиңер.

19 Силер эми этти бир эле күн эмес, эки күн эмес, беш күн эмес, он күн эмес, жыйырма күн эмес,

20 толук бир ай жейсиңер. Силердин араңарда турган Теңирди жек көрүп: «Мисирден эмнеге чыктык экен?» – деп, Анын алдында ыйлаганыңар үчүн, этти кекиртегиңерден чыккыча, көңүлүңөр калгыча жейсиңер”».

21 Ошондо Муса мындай деди: «Бул элдин саны алты жүз миң, алардын арасында мен да бармын. Сен болсо: “Мен буларга эт берем, бир ай бою эт жешет”, – дейсиң.

22 Койлор менен өгүздөрдүн баарын сойсок да, буларга жетмек беле? Деңиздеги балыктардын баарын кармап келсек да, буларга жетмек беле?»

23 Ошондо Теңир Мусага мындай деди: «Теңирдин колу кыска эмес. Менин сага айткан сөзүм аткарылабы, жокпу, азыр көрөсүң».

24 Муса чыгып, Теңирдин сөзүн элге айтып берди. Анан эл аксакалдарынын ичинен жетимиш кишини чогултуп алып, жыйын чатырынын жанына койду.

25 Ошондо Теңир булут ичинде келип, Муса менен сүйлөшүп, анын үстүндөгү Рухтан алып, жетимиш аксакалга салды. Алардын үстүнө Рух түшөр замат пайгамбарчылык кыла башташты, анан кайра токтоп калышты.

26 Элдат жана Мейдад деген эки аксакал станда калып калышкан. Бирок аларга да Рух түштү, алар да станда пайгамбарчылык кылып жатышты.

27 Ошондо бир улан чуркап келип, Мусага: «Элдат менен Мейдад станда пайгамбарчылык кылып жатышат», – деди.

28 Мусанын тандалган кызматчыларынын бири Нундун уулу Жашыя Мусага: «Муса мырзам! Аларды токтот», – деди.

29 Бирок Муса ага мындай деди: «Мен үчүн кызганып жатасыңбы? О, Теңиримдин бардык эли пайгамбар болуп калса кана! Теңирим аларга Өз Рухун берсе кана!»

30 Анан Муса Ысрайылдын бардык аксакалдары менен станга кайтты.

**Бөдөнөлөр жана жара**

31 Теңир шамал жиберип, деңиз тараптан бөдөнөлөрдү айдап, алардын стандарынын жанына таштады. Бөдөнөлөр стандын бир тарабынан бир күндүк жолго чейин, экинчи тарабынан да бир күндүк жолго чейин, эки чыканак бийиктикте каптап калды.

32 Эл ошол күнү кечке, ошол түнү жана эртеси күнү кечке бөдөнө жыйнады. Аз жыйнады дегени он хомерден жыйнады. Алар бөдөнөлөрдү кошуундун тегерегине жыйып алышты.

33 Эл этти чайнап жута электе, Теңирдин каары кайнап, өтө катуу оору жиберип, элди кыйратты.

34 Ал жерди Киброт-Атаап деп аташты, анткени ал жерде кесирлүү элди көмүштү.

35 Эл Киброт-Атааптан чыгып, Хатсейротко келип, ошол жерде токтоп калды.

**12-БӨЛҮМ**

**Мириямдын жазаланышы**

1 Муса эфиопиялыктардан аял алды. Эфиопиялыктардан аял алганы үчүн, Мириям менен Арун аны жемеледи.

2 Алар мындай деп айтышты: «Теңир Мусага эле сүйлөдү беле? Ал бизге деле сүйлөбөдү беле?» Ошондо бул сөздү Теңир укту.

3 Муса жер үстүндөгү бардык адамдардын ичинен эң момун адам болгон.

4 Теңир күтүлбөгөн жерден Мусага да, Арунга да, Мириямга да мындай деди: «Үчөөңөр тең жыйын чатырына келгиле». Үчөө тең жыйын чатырына келди.

5 Теңир булут мамынын ичинде келип, жыйын чатырынын алдына туруп калды да, Арун менен Мириямды чакырды. Алар келишти.

6 Ошондо Теңир мындай деди: «Менин сөзүмө кулак салгыла. Эгерде силердин араңарда Теңирдин пайгамбары бар болсо, анда Мен ага көрүнүштөрдө ачылып, аны менен түштөрүндө сүйлөшөм.

7 Бирок Өзүмдүн кулум Мусага андай кылбайм, анткени ал – Менин бүт элимдин ичинен ишенимдүү киши.

8 Мен аны менен табышмактатпай, оозмо-ооз, ачык сүйлөшөм, ал Теңирдин бейнесин да көрүп турат. Силер Менин кулум Мусаны жемелегенден кантип корккон жоксуңар?»

9 Теңир аларга каарданып, кетип калды.

10 Булут мамысы жыйын чатырынан алыстап кетти. Ошондо Мириямды кардай ак пес оорусу каптап калды. Арун Мириямды караса, ал пес оорулуу болуп калыптыр.

11 Ошондо Арун Мусага мындай деди: «Муса мырзам! Биздин күнөөбүздү кечир, биз акылсыздыктан күнөө кылдык.

12 Аны энесинин ичинен чыга электе эле денесинин жарымы чирип, өлүү төрөлгөн баладай кылба».

13 Ошондо Муса Теңирге: «О Кудай, аны айыктыра көр!» – деп жалынып жиберди.

14 Теңир Мусага мындай деди: «Эгерде атасы анын бетине түкүрсө, анда ал жети күн уялып жүрмөк. Ошондуктан ал стандын сыртында жети күн камалып, анан кайтып келсин».

15 Мирийам стандын сыртында жети күн камалды. Мирийам кайрылып келгиче, эл жолго чыкпай, ордунда турду.

**13-БӨЛҮМ**

**Чалгынчылар**

1 Ошондон кийин эл Хатсейроттон чыгып, Паран чөлүнө келип токтоду.

2 Ошондо Теңир Мусага мындай деди:

3 «Мен Ысрайыл уулдарына берип жаткан Канаан жерин көрүп келүүгө киши жибер. Ар бир уруудан бирден киши жибер, алар уруу башчыларынан болсун».

4 Муса аларды Теңирдин буйругу боюнча Паран чөлүнөн жөнөттү, алардын баары Ысрайыл уулдарынын башчылары эле.

5 Алардын аттары мындай: Рубейин уруусунан Закурдун уулу Шамуя,

6 Шымон уруусунан Хоринин уулу Шапат,

7 Жүйүт уруусунан Жепундун уулу Калеп,

8 Исахар уруусунан Жусуптун уулу Игал,

9 Эпрайым уруусунан Нундун уулу Ошуя,

10 Бенжемин уруусунан Рапанын уулу Палтий,

11 Забулун уруусунан Содинин уулу Гадиел,

12 Жусуптан тараган Менаше уруусунан Сусинин уулу Гади,

13 Дан уруусунан Гемалинин уулу Амиел,

14 Ашыр уруусунан Михаелдин уулу Сетур,

15 Напталы уруусунан Бопсинин уулу Нахбий,

16 Гат уруусунан Махинин уулу Гуел.

17 Муса жерди көрүп келүүгө жиберген адамдардын аттары ушулар. Ошондо Муса Нундун уулу Ошуяга Жашыя деген ат койду.

18 Муса аларды Канаан жерин көрүп келүүгө жөнөтүп жатып, мындай деди: «Түштүк тараптагы ошол өлкөгө барып, тоосуна чыгып,

19 жерин карап көргүлө. Анда жашаган эл күчтүүбү же алсызбы, көппү же азбы, билип келгиле.

20 Ал эл жашаган жер жакшыбы же жаманбы, жашаган шаарлары кандай, ал эл чатырларда жашайбы же чептүү жердеби, билип келгиле.

21 Ал жердин топурагы семизби, арыкпы, бак-дарак өсөбү же жокпу, билип келгиле. Кайраттуу болгула, ал жердин мөмө-жемиштеринен ала келгиле». Бул убак жүзүм бышкан маал эле.

22 Ошентип, алар жолго чыгып, Син чөлүнөн Хаматтын жанындагы Рехопко чейинки жерлерди карап чыгышты.

23 Анан түштүктү карай бет алып, Анактын тукумдары Акиман, Шейшай, Талмай жашаган Хебронго чейин барышты. Хеброн болсо Мисирдеги Соан шаарынан жети жыл мурда курулган эле.

24 Анан Эшкол өрөөнүнө барып, бир шиңгил жүзүмдү кыйып алып, шыргыйга илип, эки киши көтөрдү. Алар анар, анжыр мөмөлөрүн да алышты.

25 Ысрайыл уулдары ошол жерден жүзүм шиңгилин кыйып алгандыктан, ал өрөөндү Эшкол деп аташты.

26 Ошентип, алар жерди карап чыгып, кырк күндөн кийин кайтып келишти.

27 Алар Паран чөлүнө, Кадешке, Муса менен Арунга жана Ысрайыл уулдарынын жамаатына келип, аларга көргөндөрүн айтып беришти жана ал жердин жемиштерин көрсөтүштү.

28 Алар Мусага мындай деп айтып беришти: «Сен бизди жиберген жерге барып келдик, чын эле, ал жер сүт менен бал аккан жер экен, ал жердин жемиштери мына.

29 Бирок ал жерде жашаган эл күчтүү экен, шаарлары да өтө чоң, чеп менен курчалган экен. Биз ал жерден Анактын тукумун да көрдүк.

30 Ал жердин түштүк жагында амалыктыктар, тоолорунда хеттиктер, жебустуктар жана аморлуктар, деңиз жээги менен Иордан боюнда канаандыктар жашашат экен».

31 Бирок Калеп Мусанын алдында турган элди тынчтандырып: «Жүргүлө, ал жерди ээлеп алалы, анткени биз ал жерди оңой эле басып ала алабыз», – деди.

32 Аны менен барып келгендер болсо: «Жок, биз ал жердин элдерине каршы бара албайбыз, анткени алар бизден алда канча күчтүү экен», – дешти.

33 Ошентип, алар карап келген жерлери жөнүндө Ысрайыл уулдарынын арасына мындай жаман сөз таратышты: «Биз карап чыккан жерлер кызыл кыргын, кара сүргүн кетпеген жерлер экен, биз көргөн кишилердин бардыгы алп кишилер экен.

34 Ал жерден биз Анактын алп тукумунан чыккан алптарды көрдүк, алардын жанында биз өзүбүздү чегирткедей сездик, алардын көзүнө да чегирткедей көрүндүк».

**14-БӨЛҮМ**

**Ысрайыл элинин наалышы**

1 Ошондо бүт жамаат боздоп жиберди, эл ошол түнү ыйлап чыкты.

2 Ысрайыл уулдарынын бүт жамааты Муса менен Арунга мындай деп наалыды: «О, ушундан көрө Мисир жеринде же ушул чөлдө эле өлүп калсак эмне.

3 Теңир бизди ал жерге кылычтан өлсүн деп алып бара жатабы? Эми аялдарыбыз менен балдарыбыз душманга олжо болот. Андан көрө Мисирге кайтканыбыз оң эмеспи?»

4 Анан алар бири-бирине: «Өзүбүзгө башчы шайлап алып, Мисирге кайра кетели», – дешти.

5 Ошондо Муса менен Арун Ысрайыл уулдарынын бүт жамаатынын алдында жүзтөмөндөп жыгылышты.

6 Ал жерди көрүп келгендердин ичинен Нундун уулу Жашыя менен Жепундун уулу Калеп да кийимдерин айрып жиберишип,

7 Ысрайыл уулдарынын бүт жамаатына мындай дешти: «Биз көрүп келген жер абдан сонун жер экен.

8 Эгерде Теңир бизге ырайым кыла турган болсо, анда бизди ал жерге Өзү алып барат. Сүт менен бал аккан ошол жерди бизге берет.

9 Болгону, Теңирге каршы чыкпагыла, ал жердин элинен коркпогула, биз ал элди жеңип алабыз, анткени алардын коргоочусу жок. Ал эми биз менен Теңир бара жатат, ошондуктан алардан коркпогула».

10 Ошондо бүт жамаат: «Буларды таш бараңга алыш керек!» – деп кыйкырды. Бирок Теңирдин даңкы жыйын чатырынын үстүнө келип, бүт Ысрайыл уулдарына көрүндү.

**Мусанын эл үчүн арачылык кылуусу**

11 Ошондо Теңир Мусага: «Бул эл Мени качанкыга чейин каардантат? Мен аларга кереметтерди көрсөткөндөн кийин да, Мага ишенбей жүрө беришеби?

12 Мен аларды жугуштуу оору каптатып жок кылам да, сенден алардан көбүрөөк, күчтүүрөөк эл жаратам», – деди.

13 Бирок Муса Теңирге мындай деди: «Бул элди Өз кубатың менен өздөрүнүн арасынан алып чыккан Сен экениңди билген мисирликтер бул жөнүндө угуп,

14 бул жердин тургундарына айтышат. Алар Сенин Теңир экениңди, бул элдин арасында жүргөнүңдү, Өзүңдүн жүзүңдү аларга көрсөткөнүңдү, алардын үстүндө Сенин булутуң турганын жана Сен алардын алдында күндүз булут мамынын ичинде, түнкүсүн от мамынын ичинде баратканыңды уккан ошол жердин элине айтышат.

15 Эгерде Сен бул элди бир кишини жок кылгандай кырып салсаң, анда Сенин даңкыңды угушкан ошол элдер:

16 “Теңир бул элди Өзү ант менен убада кылган жерге алып бара албай, чөлдө кырып салды”, – деп айтышат.

17 Ошондуктан Теңирдин күчүнүн даңкы чыксын, анткени Сен минтип айткансың:

18 “Теңир чыдамдуу, абдан боорукер, мыйзамсыздыкты да, кылмышты да кечирет, жазасыз да калтырбайт, ата-бабаларынын мыйзамсыздыгы үчүн балдарын үчүнчү, төртүнчү тукумуна чейин жазалайт”.

19 Сен бул элдин күнөөсүн Мисирден чыккандан баштап ушул күнгө чейин улуу ырайымың менен кечирип келе жатканыңдай, эми да кечир».

20 Ошондо Теңир Мусага мындай деди: «Сенин сөзүң боюнча кечирейин.

21 Мен тирүүмүн, ошондуктан бүт жер жүзү Теңирдин даңкына толуп турат.

22 Менин Мисирде жана чөлдө көрсөткөн даңкым менен кереметтеримди көргөндөрдүн бардыгы Мени он жолу сынашты, Менин үнүмдү укпай коюшту.

23 Алардын ата-бабаларына берем деп, ант менен убада кылган жерди алар көрүшпөйт. Мени каардантқандардын бардыгы ал жерди көрбөйт.

24 Бирок Менин кулум Калепте башка рух болгондуктан, ал Мага толук баш ийгендиктен, Мен аны өзү барып келген жерге алып барам, анын тукуму да ал жерди мурастайт.

25 Амалыктыктар менен канаандыктар өрөөндө жашашат. Эртең артка кайтып, Кызыл деңизге барчу жол менен чөлгө кеткиле».

**Наалыган элдин жазаланышы**

26 Анан Теңир Муса менен Арунга мындай деди:

27 «Бул ниети жаман эл Мага качанкыга чейин наалыйт? Ысрайыл уулдарынын Мага наалыганын угуп жатам.

28 Аларга мындай деп айтып кой: “Мен тирүүмүн, – дейт Теңир, – Мага кандай айтсаңар, так ошондой кылам.

29 Өлүгүңөр ушул чөлдө калат, Мага наалыганыңар үчүн эсепке кирген жыйырма жана андан жогорку жаштагыларыңардын баары өлүп, ушул чөлдө каласыңар.

30 Жепундун уулу Калеп менен Нундун уулу Жашыядан башкаңар Мен колумду көтөрүп, алып барам деп ант берген жерге кирбейсиңер.

31 Душмандын колуна түшүп олжо болот деген балдарыңарды Мен ошол жерге алып барам, алар силер жек көргөн жерди көрүшөт.

32 Ал эми силердин өлүгүңөр ушул чөлдө калат.

33 Балдарыңар чөлдө кырк жыл көчүп-конуп жүрүшөт. Баарыңар чөлдө өлүп бүткөнгө чейин, алар силердин ишенимсиздигиңер үчүн азап тартышат.

34 Силер жерди кырк күн карап чыктыңар. Өзүңөрдүн күнөөлөрүңөр үчүн ошол күндөрдүн санына жараша кырк жыл жазаланасыңар, бир күн үчүн бир жыл. Мен таштап койгондо кандай болорун ошондо билесиңер.

35 Мен, Теңир, Мага каршы чыккан ушул ниети жаман элге айтканымды аткарам: алардын бардыгы мына ушул чөлдө кырылып жок болушат"».

36 Муса жерди карап келгени жиберген адамдар кайра кайтып келип, бүт жамаатты Мусага каршы тукуруп, жер жөнүндө жаман сөз таратышты.

37 Жер жөнүндө жаман сөз тараткан бул адамдар Теңирдин алдында жазаланып өлүштү.

38 Жерди карап келгендердин ичинен Нундун уулу Жашыя менен Жепундун уулу Калеп гана тирүү калды.

**Убада кылынган жерди басып алууга аракет кылуу**

39 Анан Муса ушул сөздөрдү Ысрайыл уулдарына айтып берди. Ошондо эл кайгыга батты.

40 Анан эртең менен эрте туруп, тоонун башына чыгып, мындай деп айтышты: «Эми биз Теңир айткан жерге барабыз, биз, чын эле, күнөөгө баттык».

41 Ошондо Муса аларга мындай деди: «Эмне үчүн силер Кудайдын буйругун укпай жатасыңар? Мунуңар ийгилик алып келбейт.

42 Барбагыла, анткени араңарда Теңир жок, душманыңардан жеңилип каласыңар.

43 Ал жерден силерге амалыктыктар менен канаандыктар каршы чыгышат, алардын кылычынан өлөсүңөр, анткени силер Теңирди таштап койдуңар, ошондуктан Теңир силер менен болбойт».

44 Бирок алар болбой эле тоого чыга башташты. Ал эми Теңирдин келишим сандыгы менен Муса станда калды.

45 Ошондо ошол тоодо жашаган амалыктыктар менен канаандыктар аларды талкалап, Хормага чейин кууп барышты.

**15-БӨЛҮМ**

**Курмандыктар жөнүндө мыйзам**

1 Теңир Мусага мындай деди:

2 «Ысрайыл уулдарына мындай деп айт: "Силер Мен берип жаткан жерге киргениңерде,

3 Теңирге жыты жаккан курмандык алып келүү үчүн, бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка, же убада боюнча, же өз каалоосу боюнча чалынуучу курмандыкка, же майрамдарда чалынуучу курмандыкка бодо жана майда малдан чаласыңар.

4 Ошондо Теңирге арнап курмандык чалуучу адам нан курмандыгына гиндин төрттөн бир бөлүгүнчөлүк зайтун майы кошулган эйфанын ондон бир бөлүгүнчөлүк буудай унун алып келиши керек.

5 Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка же башка курмандыктарга чалынуучу козуларды алып келгенде, ар бир козу менен кошо куюлуучу курмандыкка гиндин төрттөн бир бөлүгүнчөлүк шарап алып кел.

6 Курмандыкка чалынуучу кочкор менен кошо нан курмандыгына гиндин үчтөн бир бөлүгүнчөлүк зайтун майы кошулган эйфанын ондон эки бөлүгүнчөлүк буудай унун алып кел.

7 Жыты Теңирге жаккан куюлуучу курмандыкка гиндин үчтөн бир бөлүгүнчөлүк шарап алып кел.

8 Эгерде Теңирге арнап бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка, же убада боюнча чалынуучу курмандыкка, же тынчтык курмандыгына жаш өгүз алып келе турган болсоң,

9 анда өгүз менен бирге нан курмандыгына жарым гин зайтун майы кошулган эйфанын ондон үч бөлүгүнчөлүк буудай унун,

10 ошондой эле жыты Теңирге жаккан куюлуучу курмандыкка жарым гин шарап алып кел.

11 Өгүз, кочкор, козу же улак алып келген сайын ушундай кыл.

12 Алып келген ар бир курмандыгыңардын санына жараша ушундай өлчөмдөгү курмандыктарды кошуп алып келгиле.

13 Жыты Теңирге жаккан курмандык алып келген Ысрайыл элинин ар бир тургуну мына ушундай кылсын.

14 Эгерде силердин араңарда жашаган келгин же силердин урууңарда жашаган ким болбосун, жыты Теңирге жаккан курмандык алып келе турган болсо, ал да силер кылганды кылсын.

15 Теңирдин жамааты болгон силер үчүн да, силердин араңарда жашаган келгин үчүн да бирдей мыйзам, бул мыйзам силердин укум-тукумуңарга түбөлүк калсын. Силер Теңирдин алдында кандай болсоңор, келгиндер да ошондой.

16 Силерге да, силердин араңарда жашаган келгинге да мыйзам менен укук бирдей”».

17 Теңир Мусага мындай деди:

18 «Ысрайыл уулдарына мындай деп айт: “Мен силерди алып бара жаткан жерге барганыңарда,

19 ал жердин нанын жегениңерде, Теңирге арнап курмандык алып келгиле.

20 Биринчи камырыңардан жасалган токочту өйдө көтөрүлүүчү курмандыкка алып келгиле. Аны кырмандан алып келген курмандык сыяктуу өйдө көтөргүлө.

21 Биринчи камырыңардан жасалган токочту Теңирге арнап өйдө көтөрүп алып келгиле. Укум-тукумуңар да ушундай кылсын.

22 Эгерде Теңирдин Мусага айткан осуяттарынын баарын билбестиктен бузсаңар,

23 Теңирдин Муса аркылуу осуяттаган күнүнөн тартып, Теңирдин осуяттарынын баарын аткарбасаңар, кийинки тукумуңар аткарбаса,

24 эгерде жамааттын байкабастыгынан жаңылыштык кеткен болсо, анда бүт жамаат жыты Теңирге жаккан бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка бир жаш өгүз, аны менен кошо белгиленген санда нан курмандыгын

жана куюлуучу курмандык алып келсин, ошондой эле күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка бир теке алып келсин.

25 Анан ыйык кызмат кылуучу Ысрайыл уулдарынын бүт жамаатын күнөөдөн тазаласын, ошондо аларга кечирим болот, анткени алар муну жаңылыштык менен кылышкан, ошондуктан алар өздөрүнүн күнөөсү үчүн, жаңылыштыгы үчүн Теңирге арнап, Теңирдин алдына курмандык алып келишсин.

26 Ошондо Ысрайыл уулдарынын бүт жамаатына жана алардын арасында жашаган келгиндерге кечирим болот, анткени муну жалпы эл жаңылыштык менен кылган.

27 Эгерде бир адам билбестиктен күнөө кылса, анда ал күнөөсү үчүн бир жылдык эчкини курмандыкка чалсын.

28 Билбестиктен күнөө кылган адамды ыйык кызмат кылуучу Теңирдин алдында тазаласын, ошондо ал тазаланат жана ага кечирим болот.

29 Билбестиктен күнөө кылган адам Ысрайыл уулдарынын жергиликтүү тургуну болобу, алардын арасында жашап жаткан келгин болобу, силерде бир мыйзам болсун.

30 Жергиликтүү тургун болобу, келгин болобу, билип туруп күнөө кылса, анда ал Теңирге акарат келтирген болот. Ал адам өз элинин арасынан жок кылынсын.

31 Анткени ал Теңирдин сөзүн жек көрүп, Анын осуятын бузду. Ал адам жок кылынсын, өз күнөөсү өз мойнунда"».

**Ишембини бузуучу**

32 Ысрайыл уулдары чөлдө жүргөндө, ишемби күнү отун терип жүргөн кишини көрүп калышты.

33 Көрүп калгандар отун терип жүргөн кишини Муса менен Арунга жана бүт жамаат алдына алып келип,

34 аны каматып коюшту, анткени аны эмне кылуу керек экени али аныктала элек болчу.

35 Ошондо Теңир Мусага мындай деди: «Бул адам өлүм жазасына тартылсын. Аны стандын сыртына алып чыгып, бүт жамаат таш бараңга алсын».

36 Теңир Мусага буйругандай, бүт жамаат аны стандын сыртына алып чыгып, таш бараңга алып өлтүрүштү.

**Чачылар жөнүндөгү эрежелер**

37 Теңир Мусага мындай деди:

38 «Ысрайыл уулдарына мындай деп айт: Алар укумдан-тукумга кийимдеринин этегине чачыларды жасашсын, кийимдеринин этегиндеги ошол чачыларга көк жүндөн жасалган жип кошушсун.

39 Чачылардагы көк жип, силер аны көргөндө Теңирдин бардык осуяттарын эстеп, аткарышыңар үчүн, силерди бузуктукка түрткөн жүрөгүңөр менен көзүңөрдүн каалоосун аткарбашыңар үчүн,

40 Менин бардык осуяттарымды аткарышыңар үчүн, Кудайыңардын алдында ыйык болушуңар үчүн кошулат.

41 Силердин Кудайыңар болуш үчүн, силерди Мисир жеринен алып чыккан Кудай-Теңириңер Менмин. Силердин Кудай-Теңириңер Менмин».

**16-БӨЛҮМ**

**Корактын, Датандын жана Оондун жазаланышы**

1 Лебинин, Кааттын, Итсардын уулу Корак, Рубейин уулдарынан Элийаптын уулдары Датан менен Абырам, Пелеттин уулу Оон Мусага каршы чыгышты.

2 Алар менен кошо Ысрайыл уулдарынын ичинен жыйынга чакырылган атактуу жамаат башчылары болгон эки жүз элүү адам каршы чыкты.

3 Алар чогулуп келип, Муса менен Арунга каршы мындай дешти: «Силердики жетишет, бүт жамаат ыйык, бардыгы ыйык, Теңир алардын арасында! Эмне үчүн силер өзүңөрдү Теңирдин элинен жогору коёсуңар?»

4 Муса муну укканда, жүзтөмөндөп жыгылды.

5 Анан ал Коракка жана анын таламдаштарына мындай деди: «Эртең Теңир ким Өзүнүкү экенин, ким ыйык экенин көрсөтөт, ошону Ал Өзүнө жакындатат. Өзү кимди тандаса, ошону Өзүнө жакындатат.

6 Мындай кылгыла: Корак жана анын таламдаштары, жыпар жыттуу зат түтөтүлүүчү идишиңерди алгыла.

7 Эртең ага от салып, анын үстүнө Теңир алдында түтөтүлүүчү заттарды салгыла. Ошондо Теңир кимди тандаса, ошол ыйык болот. Леби уулдары, силердики жетишет!»

8 Муса Коракка дагы мындай деди: «Леби уулдары, кулак салгыла.

9 Кудай силерди Ысрайыл жамаатынан бөлүп алып, Теңирдин жыйын чатырында жамаатка кызмат кылып турушуңар үчүн Өзүнө жакындатканы силерге аздык кылып жатабы?

10 Ал сени жана сени менен кошо бардык бир туугандарыңды, Леби уулдарын, Өзүнө жакындатты. Силер болсо ыйык кызмат кылуучулукка да умтулуп жатасыңар.

11 Ошон үчүн сен жамаатың менен Теңирге каршы чыгып жатасың. Арунга наалыгыдай, ал ким эле?»

12 Анан Муса Элийаптын уулдары Датан менен Абырамды чакырганы киши жиберди. Бирок алар: «Барбайбыз!

13 Бизди чөлдө өлтүрүш үчүн, сүт менен бал аккан жерден алып чыкканың аздык кылабы? Эми сен бизге үстөмдүк кылгың барбы?

14 Сен бизди сүт менен бал аккан жерге жеткирген жоксуң. Жүзүмзарлар менен эгин талааларын энчибизге берген жоксуң. Сен бул элди алдагың барбы? Барбайбыз!» – дешти.

15 Ошондо Муса абдан капаланып, Теңирге кайрылды: «Булардын алып келген курмандыктарына көңүл бурба, мен булардан бир да эшек алган эмесмин, булардын эч бирине жамандык кылган эмесмин».

16 Анан Муса Коракка мындай деди: «Эртең сен бүт таламдаштарың менен Теңирдин алдында бол, сени менен кошо таламдаштарың жана Арун болсун.

17 Ар бириңер жыпар жыттуу зат түтөтүлүүчү идишиңерди алып, ага түтөтүлүүчү зат салып, Теңирдин алдына алып келгиле, бардыгы эки жүз элүү идиш болсун. Арун экөөңөр да өз идишиңерди алып келгиле».

18 Ошондо ар бири өз идишин алып, чок салып, жыпар жыттуу зат салып, жыйын чатырынын алдында турушту. Муса менен Арун да турду.

19 Анан Корак аларга каршы бүт жамаатты жыйын чатырынын алдына чогултту. Ошондо бүт жамаатка Кудайдын даңкы келди.

20 Анан Теңир Муса менен Арунга мындай деди:

21 «Бул жамааттан бөлүнгүлө, анткени Мен буларды көз ачып-жумгуча кыйратам».

22 Ошондо алар жүзтөмөндөп жыгылып: «Кудай, бардык адамдардын рухтарынын Кудайы! Бир киши күнөө кылса, бүткүл жамаатка каарданасыңбы?» – дешти.

23 Ошондо Теңир Мусага мындай деди:

24 «Жамаатка: Корактын, Датандын жана Абырамдын чатырларынан алыс тургула», – деп айт.

25 Муса ордунан туруп, Датан менен Абырамга барды, анын артынан Ысрайыл аксакалдары да барышты.

26 Анан Муса жамаатка мындай деди: «Бул мыйзамсыз адамдардын чатырларынан алыс тургула, буларга тийиштүү нерселердин эч бирине тийбегиле, болбосо булардын күнөөсү үчүн силер да өлүп каласыңар».

27 Ошондо алар Корактын, Датандын, Абырамдын чатырларынан алыс турушту. Датан менен Абырам аялдарын, уулдарын, кичинекей балдарын алып, чатырларынан чыгып, эшиктеринин алдында турушту.

28 Анан Муса мындай деди: «Бул иштердин баарын мен өз эрким менен эмес, Теңир жибергендиктен жасап жатканымды мындан билесиңер:

29 эгерде булар бардык адамдар өлгөн сыяктуу эле өлүшсө, бардык адамдардай эле жазаланышса, анда мени Теңир жиберген эмес болот.

30 Эгерде Теңир адаттан тыш нерсе кылып, жер араанын ачып, буларды жана булардын бардык нерселерин жутуп жиберсе, булар өлгөндөр жаткан жайга тирүүлөй кирсе, анда бул адамдардын Кудайга акарат келтиргенин билесиңер».

31 Ушул сөздөрдү айтар замат алардын астындагы жер ачылды.

32 Жер араанын ачып, аларды үй-жайы менен, Корактын бардык кишилерин мал-мүлкү менен кошо жутту.

33 Ошентип, алар бардык мал-мүлкү менен өлгөндөр жаткан жайга тирүүлөй киришти, аларды жер басып калды. Ошентип, алар жамаат арасынан жок болушту.

34 Аларды тегеректеп турган бүт ысрайылдыктар алардын боздогон үнүн угуп: «Бизди да жер жутпасын», – деп качып жөнөштү.

35 Анан Кудайдан от түшүп, жыпар жыттуу зат түтөтүлүүчү идиштерди алып келген эки жүз элүү эркекти жалмап кетти.

**Жыпар жыттуу зат түтөтүлүүчү идиштер жөнүндө**

36 Анан Теңир Мусага мындай деди:

37 «Арундун уулуна, ыйык кызмат кылуучу Элазарга, айт, ал өрттөнүп кеткендердин жыпар жыттуу зат түтөтүлүүчү идиштерин чогултуп алып, ичиндеги чогун сыртка төгүп салсын, анткени алар ыйык болуп калды.

38 Бул күнөөкөрлөрдүн жыпар жыттуу зат түтөтүлүүчү идиштерин курмандык чалынуучу жайды капташ үчүн, каңылтыр кылып салгыла. Анткени алар жыпар жыттуу зат түтөтүлүүчү идиштерди Теңирдин алдына алып келишкендиктен, идиштер ыйыкталып калды. Бул Ысрайыл уулдарына эскертүү болсун».

39 Теңир Элазарга Муса аркылуу айткандай, ыйык кызмат кылуучу Элазар өрттөнүп кеткендердин жез идиштерин алды да, курмандык чалынуучу жайды капташ үчүн, каңылтыр кылып салды.

40 Теңирдин алдына Арундун тукумунан башка бирөө жыпар жыттуу зат түтөтүлүүчү идиш алып келбеш үчүн, Ысрайыл уулдары да Корак менен анын таламдаштарындай болбош үчүн, аларды Ысрайыл уулдарына эскертүү кылыш үчүн ошентти.

**Арундун элди куткарып калышы**

41 Эртеси Ысрайыл уулдарынын бүткүл жамааты Муса менен Арунга: «Силер Теңирдин элин өлтүрдүңөр», – деп наараазы болду.

42 Муса менен Арунга каршы бүт жамаат чогулганда, алар жыйын чатырын карашса, жыйын чатырын булут каптап, Кудайдын даңкы келиптир.

43 Ошондо Муса менен Арун жыйын чатырына келди.

44 Теңир Мусага мындай деди:

45 «Бул жамааттан алыс тургула, анткени Мен буларды көз ачып-жумгуча кыйратам». Бирок алар жүзтөмөндөп жыгылышты.

46 Ошондо Муса Арунга мындай деди: «Жыпар жыттуу зат түтөтүлүүчү идишти алып, ичине курмандык чалынуучу жайдын чогунан салып, үстүнө түтөтүлүүчү зат салып, тезирээк жамаатка барып, аларды куткарып кал, анткени Теңирдин каары төгүлүп, алар кыйрай башташты».

47 Муса айткандай, Арун жамааттын ортосуна чуркап барса, эл кыйрай баштаган экен. Ошондо ал идишке түтөтүлүүчү зат салып, элди куткарып калды.

48 Ал өлгөндөр менен тирүүлөрдүн ортосуна туруп калды, ошондо кыйроо токтоду.

49 Ошентип, Кoрактын иши боюнча өлгөндөрдөн сырткары кыйроодон он төрт миң жети жүз киши өлдү.

50 Кыйроо токтогондон кийин, Арун жыйын чатырынын алдына, Мусага кайтып келди.

**17-БӨЛҮМ**

**Арундун таягынын гүлдөшү**

1 Теңир Мусага мындай деди:

2 «Ысрайыл уулдары менен сүйлөшүп, ар бир уруунун уруу башчысынан бирден таяк ал. Ошол он эки таяктын ар бирине бирден уруунун атын жазып кой.

3 Аруندун атын Леби уруусунун таягына жаз, анткени ар бир уруу башчысы бирден таяк берүүгө тийиш.

4 Аларды жыйын чатырынын ичиндеги Мен силер менен сүйлөшүп турган келишим сандыгынын алдына кой.

5 Мен кимди тандап алсам, анын таягы гүлдөп калат. Ысрайыл уулдарынын силерге наалыганын Мен ошентип токтотом».

6 Анан Муса Ысрайыл уулдары менен сүйлөштү. Ошондо алардын уруу башчылары бирден, жалпы он эки таяк беришти, алардын таягынын арасында Аруندун таягы да бар эле.

7 Муса таяктарды жыйын чатырынын ичине, Теңирдин алдына алып барып койду.

8 Эртеси күнү Муса жыйын чатырына келип караса, Леби уруусундагы Аруندун таягы бүчүр байлап, гүлдөп, бадам байлап калыптыр.

9 Анан Муса Теңирдин алдынан бардык таяктарды Ысрайыл уулдарына алып келди. Алар таяктарды карап көрүп, ар кимиси өз таягын алды.

10 Ошондо Теңир Мусага мындай деди: «Баш ийбегендерге эскертүү белгиси болушу үчүн, Аруندун таягын келишим сандыгынын алдына сактап кой, алардын Мага наалыганы токтосун, алар өлүп калышпасын».

11 Муса ошондой кылды, Теңир ага кандай буйруса, так ошондой кылды.

12 Ысрайыл уулдары Мусага мындай деп айтышты: «Мына, биз өлүп бара жатабыз, баарыбыз кыйрап бара жатабыз!

13 Теңирдин жыйын чатырына жакындагандар өлүп жатышат. Баарыбыз ушинтип кырылып калабызбы?»

**18-БӨЛҮМ**

**Ыйык кызмат кылуучулар менен лебилердин милдеттери**

1 Теңир Арунга мындай деди: «Сен жана уулдарың, укум-тукумуң ыйык жайга шалаакы мамиле кылгандардын күнөөсү үчүн жооп бересиңер. Сен жана уулдарың ыйык кызматыңарды туура эмес аткаргандыгыңар үчүн жооп бересиңер.

2 Ошондой эле Леби уруусундагы бир туугандарыңды, атаңдын уруусун өзүңө кошуп ал. Алар сенин кол алдыңда болуп, сага кызмат кылышсын, сен болсо уулдарың менен бирге жыйын чатырынын алдында бол.

3 Алар сага жана жыйын чатырында кызмат кылышсын, бирок алар ыйык жайдын буюмдарына жана курмандык чалынуучу жайга жакындашпасын, болбосо алар да, силер да өлүп каласыңар.

4 Алар сенин кол алдыңда болуп, жыйын чатырында кызмат кылышсын, жыйын чатырындагы бардык жумуштар алардын мойнунда, башка бирөө силерге жакын жолобосун.

5 Мындан ары Ысрайыл уулдарына Теңирдин каары төгүлбөшү үчүн, ыйык жайда жана курмандык чалынуучу жайда ушундай кызмат аткаргыла.

6 Анткени силердин бир туугандарыңар болгон лебилерди Мен Ысрайыл уулдарынын арасынан бөлүп алгам жана жыйын чатырында кызмат кылсын деп, аларды Теңирге тартуу катары силерге бергем.

7 Сен жана уулдарың көшөгөнүн ички жагында жана курмандык чалынуучу жайда ыйык кызматыңарды аткаргыла. Мен силерге ыйык кызмат кылуучулук кызматты тартуу катарында бердим. Ал кызматты башка бирөө аткарса, ал өлүм жазасына тартылсын».

**Ыйык кызмат кылуучулардын үлүшү**

8 Теңир Арунга дагы мындай деди: «Ысрайыл уулдарынын Мага арнап алып келген курмандыктарына көз салууну Мен сага тапшырдым. Аларды Мен сага жана сенин уулдарыңа ыйык кызматыңар үчүн үлүш кылып бердим. Бул мыйзам силердин укум-тукумуңарга түбөлүккө калсын.

9 Өрттөлүүчү эң ыйык курмандыктардын ичинен сага тиешелүү курмандыктар булар: алардын Мага алып келген нан курмандыктары, күнөө үчүн чалынуучу курмандыктары, айып үчүн чалынуучу курмандыктары. Бул – сен үчүн жана сенин уулдарың үчүн эң ыйык курмандык.

10 Аларды эң ыйык жерде жегиле, аларды бардык эркектер жесе болот. Бул сен үчүн ыйык нерсе болсун.

11 Ысрайыл уулдарынын өйдө көтөрө турган курмандыктарынын баары сага тиешелүү. Аларды Мен сага, сенин уулдарыңа, сенин кыздарыңа бердим. Бул мыйзам сенин укум-тукумуңа түбөлүккө калсын. Аларды сенин үйүңдөгү таза адамдардын бардыгы жесе болот.

12 Ысрайыл уулдарынын Теңирге алып келген зайтун майынын, жүзүмү менен нанынын эң жакшысын, биринчи түшүмдөрүн Мен сага бердим.

13 Алардын Теңирге алып келген биринчи түшүмү сеники болсун. Сенин үйүңдөгү таза адамдардын бардыгы алардан жесе болот.

14 Ысрайыл жериндеги Теңирге арналгандын бардыгы сеники болсун.

15 Теңирге алып келинген тунгучтардын бардыгы: адам болобу, мал болобу, сеники болсун. Бирок адамдын тун баласы менен арам малдын биринчи төлүнүн куну төлөнсүн.

16 Алар үчүн төлөнө турган кунга: бир айдан жогоркулардан баштап өзүңдүн баaң боюнча беш күмүш шекел ал. Ыйык шекел менен алганда, бир шекел жыйырма герге барабар.

17 Бирок өгүздүн, койдун, эчкинин биринчи төлү үчүн кун алба, анткени алар ыйык. Алардын канын курмандык чалынуучу жайга чач, майын жыты Теңирге жаккан курмандык катары өрттө.

18 Төш менен оң сан сыяктуу эле, өйдө көтөрүлө турган курмандыктын бардыгы сага тиешелүү.

19 Ысрайыл уулдарынын Теңирге арнап өйдө көтөрүп алып келген курмандыктарынын бардыгын сага жана өзүң менен жашаган уулдарың менен кыздарыңа бердим. Бул мыйзам сенин укум-тукумуңа түбөлүккө калсын. Бул – сага жана сенин укум-тукумуңа Теңир алдында берилген түбөлүктүү туз келишими».

20 Теңир Арунга дагы мындай деди: «Алардын жеринде өз энчиң болбойт, алардын арасында өз үлүшүң да болбойт. Ысрайыл уулдарынын ичинен сенин үлүшүң да, энчиң да Менмин.

**Лебилердин үлүшү**

21 Бирок Мен Леби уулдарына алардын кызматы үчүн, жыйын чатырында кызмат кылганы үчүн, Ысрайылдын бардык нерсесинин ондон бир бөлүгүн үлүш кылып бердим.

22 Ысрайыл уулдары күнөөгө батып өлүп калбашы үчүн, мындан ары жыйын чатырына жакындашпасын.

23 Лебилер жыйын чатырында кызмат кылышсын, алардын күнөөсүн көтөрүшсүн. Бул мыйзам силердин укум-тукумуңарга түбөлүк калсын. Ысрайыл уулдарынын ичинен алар үлүш алышпайт,

24 себеби Ысрайыл уулдарынын Теңирге алып келген ондуктарынын баарын Мен лебилерге үлүш катары бердим. Ошондуктан Мен аларга: "Ысрайыл уулдарынын ичинен алар үлүш алышпайт", – деп айткам».

25 Анан Теңир Мусага мындай деди:

**Лебилердин ондугу**

26 «Лебилерге мындай деп айт: "Мен силерге Ысрайыл уулдарынын ондуктарын үлүш кылып бердим, ошол ондуктардын ондугун Теңирге тартуулагыла.

27 Ошондо ширени жүзүмдүктөн, данды кырмандан силер алып келген болуп эсептелинесиңер.

28 Ысрайыл уулдарынан алган бардык ондугуңардан силер да Теңирге арнап алып келгиле, алардан алган ондуктун ондон бир бөлүгүн ыйык кызмат кылуучу Арунга бергиле.

29 Силерге тартуулаган бардык нерселердин ичинен эң жакшысын, ыйыгын Теңирге тартуулагыла".

30 Анан аларга мындай де: "Силер эң жакшысын алып келгенде, ширени жүзүмдүктөн, данды кырмандан лебилер алып келген болуп эсептелинет.

31 Буларды силер үй-бүлөңөр менен каалаган жериңерде жесеңер болот, анткени бул – силердин жыйын чатырында кылган кызматыңардын акысы.

32 Алардын эң жакшысын алып келгиле, ошондо күнөөлүү болбойсуңар. Ысрайыл уулдарынын тартууларын булгабагыла, ошондо өлбөйсүңөр"».

**19-БӨЛҮМ**

**Күрөң кунажын жөнүндө**

1 Теңир Муса менен Арунга мындай деди:

2 «Теңирдин осуят кылган мыйзамы бул: "Ысрайыл уулдарына айт, алар сага кемчиликсиз, майып эмес, моюнтурук салынбаган күрөң кунажын алып келишсин.

3 Анан аны стандын сыртына алып чыгып, Элазардын көз алдында союшсун.

4 Анан ыйык кызмат кылуучу Элазар анын канына сөөмөйүн малып, жыйын чатырынын алдына жети жолу чачсын.

5 Анан кунажынды анын көз алдында өрттөшсүн: терисин да, этин да, канын да, кан-жинин да өрттөшсүн.

6 Анан ыйык кызмат кылуучу кедр жыгачын, иссоп жана кочкул кызыл жүндөн жасалган жип алып, күйүп жаткан кунажындын үстүнө таштасын.

7 Анан ыйык кызмат кылуучу кийимин жана денесин сууга жууп, станга келсин. Ал кечке чейин таза эмес болот.

8 Аны өрттөгөн адам кийимдерин, денесин сууга жуусун, ал кечке чейин таза эмес болот.

9 Анан таза адам өрттөлгөн кунажындын күлүн чогултуп, стандын сыртындагы таза жерге койсун. Ал Ысрайыл уулдарынын жамааты үчүн, тазартуучу суу үчүн сакталсын. Бул – күнөө үчүн чалынган курмандык.

10 Анан кунажындын күлүн чогулткан киши кийимдерин жуусун, ал кечке чейин таза эмес болот. Бул Ысрайыл уулдары үчүн жана алар менен жашаган келгиндер үчүн түбөлүк мыйзам болсун.

**Өлүккө тийген киши жөнүндө**

11 Ким өлгөн кишинин денесине тийсе, ал жети күн таза эмес болот.

12 Бул суу менен ал өзүн үчүнчү жана жетинчи күнү тазаласын, ошондо таза болот. Эгерде ал үчүнчү күнү жана жетинчи күнү тазаланбаса, таза болбойт.

13 Өлгөн кишинин денесине колун тийгизип, бирок өзүн тазалабаган адам Теңирдин ыйык жайын булгаган болот, ал Ысрайыл элинин арасынан жок кылынсын, анткени ага тазартуучу суу чачылган эмес, ал таза эмес, анын таза эместиги өзүндө калды.

14 Мыйзам мындай: Эгерде адам чатырда өлсө, анда чатырга киргендин баары жана чатырдагылардын баары жети күн бою таза эмес болот.

15 Оозу байланбаган жана үстү жабылбаган ачык идиштердин баары таза эмес болот.

16 Талаада кылычтан өлгөн адамга же өлгөн адамга, же өлгөн адамдын сөөгүнө, же мүрзөсүнө тийген адам жети күн таза эмес болот.

17 Таза эмес адамды тазалаш үчүн, күнөө үчүн өрттөлгөн жанагы курмандыктын күлүн алып, идишке салып, үстүнө агын суудан куйсун.

18 Анан таза адам иссоптон бир тутам алып, аны сууга малып, чатырга жана чатырдын ичиндеги идиштерге, кишилерге, өлгөн адамдын сөөгүнө, же өлтүрүлгөн адамга, же өлгөн адамга, же табытка тийген адамга чачсын.

19 Таза адам таза эмес адамга үчүнчү жана жетинчи күнү ошентип чачсын, жетинчи күнү аны тазартсын. Анан ал кийимин, денесин суу менен жуусун, ал кечинде таза болот.

20 Ким таза эмес болуп туруп өзүн тазартпаса, ал эл ичинен жок кылынсын, анткени ал Теңирдин ыйык жайын булгады, ага тазартуучу суу чачылган эмес, ал таза эмес.

21 Бул алар үчүн түбөлүктүү мыйзам болсун. Тазартуучу суу чачкан адам да кийимин жуусун. Тазартуучу сууга тийген адам кечке чейин таза эмес болот.

22 Таза эмес адам эмнеге тийсе, ошонун баары таза эмес болот. Таза эмес адамга тийген адам да кечке чейин таза эмес болот”».

**20-БӨЛҮМ**

**Кадеште болгон окуялар**

1 Ысрайыл уулдары, бүт жамаат, биринчи айда Син чөлүнө келип, Кадешке токтоду. Ошол жерде Мириям каза болуп, ошол жерге коюлду.

**Чөлдө суунун жоктугу**

2 Жамааттын ичер суусу жок болгондуктан, алар Муса менен Арунга каршы чогулушту.

3 Эл Мусага мындай деп наалыды: «О, биз ошондо эле, Теңирдин алдында бир туугандарыбыз өлгөндө эле өлүп калсак эмне?

4 Эмне үчүн силер Теңирдин элин бул чөлгө алып келдиңер? Бул жерде бизди малыбыз менен кошо кырылып калсын дедиңерби?

5 Эмне үчүн силер бизди Мисирден эгин эккенге болбогон, анжыр, жүзүм, анар өспөгөн, атүгүл, иче турган суусу жок бул жаман жерге алып келдиңер?»

6 Муса менен Арун элден бөлүнүп, жыйын чатырына келип, жүзтөмөндөп жыгылышты, ошондо аларга Кудайдын даңкы келди.

7 Ошондо Теңир Мусага мындай деди:

8 «Таякты колуңа алып, бүт жамаатты чогултуп, бир тууганың Арун менен алардын көз алдында аскага айт, ошондо ал өзүнөн суу чыгарып берет. Ошентип, сен аскадан суу чыгарып, жамаатка да, анын малдарына да суу ичиресиң».

9 Муса Теңирдин буйругу боюнча Теңирдин алдындагы таягын алды.

10 Анан Муса менен Арун элди асканын жанына чогултушту. Ошондо Муса аларга мындай деди: «Кулак салгыла, баш ийбес эл, ушул аскадан силерге суу чыгарып берелиби?»

11 Анан Муса колун көтөрүп, таягы менен асканы эки чапты эле, шаркырап суу агып чыкты. Ошондо жамаат да, алардын малы да суу ичти.

12 Ошондо Теңир Муса менен Арунга мындай деди: «Мага ишенбей, Ысрайыл уулдарынын көз алдында Менин ыйыктыгымды көрсөтпөгөндүгүңөр үчүн, Мен берип жаткан жерге бул элди силер алып кирбейсиңер».

13 Бул – Мериба суусу. Бул суунун жанында Ысрайыл уулдары Теңир менен араздашып кеткен. Ошондо Теңир аларга Өзүнүн ыйыктыгын көрсөткөн.

**Эдомдун күнөөсү**

14 Муса Кадештен Эдом падышасына мындай деп айттырганы элчилерди жиберди: «Сенин бир тууганың Ысрайыл мындай дейт: “Сен биздин башыбызга түшкөн кыйынчылыктардын баарын билесиң.

15 Биздин ата-бабаларыбыз Мисир жерине көчүп барышкан, ошондуктан биз ал жерде көп убакыт жашадык. Мисирликтер бизге жана биздин ата-бабаларыбызга жаман мамиле кылышты.

16 Ошондо биз Теңирди чакырдык. Ал үнүбүздү угуп, периштесин жиберип, бизди Мисирден алып чыкты. Азыр биз сенин чек араңда жайгашкан Кадеш деген шаарда турабыз.

17 Бизге сенин жериң аркылуу өтүүгө уруксат эт, биз айдоолор менен жүзүмзарларды аралап өтпөйбүз, сенин кудуктарыңан да суу ичпейбиз, падышанын жолу менен өтөбүз, сенин чек араңдан өтүп кеткенче, оңго да, солго да кыйшайбайбыз».

18 Бирок Эдом ага мындай деди: «Менин жерим аркылуу өтпө, болбосо мен сага каршы кылыч менен чыгам».

19 Ошондо Ысрайыл уулдары ага мындай дешти: «Биз чоң жол менен өтөбүз, эгерде сенин кудугуңдан суу ичсек же малыбыз ичсе, акысын төлөп беребиз, жериңди бутубуз менен гана басып өтөбүз, ал эч нерсеге турбайт».

20 Бирок ал: «Өтпөйсүңөр!» – деди. Анан Эдом Ысрайылга көп сандаган эли менен, күч-кубаттуу колу менен каршы чыкты.

21 Ошентип, Эдом Ысрайыл элине өз жеринен өткөнгө макул болбой койду, Ысрайыл эли болсо андан четтеп кетти.

22 Ысрайыл уулдары Кадештен чыгышты. Бүт жамаат Ор тоосуна келди.

**Арундун көз жумушу**

23 Ор тоосунда, Эдом жеринин чек арасында, Теңир Муса менен Арунга мындай деди:

24 «Арун өз элине барып кошулсун, Мериба суусунун жанында Менин буйруктарыма баш ийбей койгонуңар үчүн, Мен Ысрайыл уулдарына берген жерге ал кирбейт.

25 Арунду уулу Элазар менен кошо Ор тоосуна алып чык.

26 Анан Арундун кийимин чечип, уулу Элазарга кийгиз. Анан Арун четке чыгып, ошол жерде көз жумсун».

27 Муса Теңир буйругандай кылды. Алар бүт жамааттын көз алдында Ор тоосуна чыгышты.

28 Муса Арундун кийимин чечип, аны уулу Элазарга кийгизди. Арун Ор тоосунун чокусунда көз жумду. Муса менен Элазар болсо тоодон түшүп келишти.

29 Арундун көз жумганын бүт жамаат билди. Бүткүл Ысрайыл эли Арунду жоктоп, отуз күн ыйлады.

**21-БӨЛҮМ**

**Канаандыктарды жеңип алуу**

1 Түштүк тарапта жашаган Канаан падышасы Аратта Ысрайыл элинин Атаримге барчу жол менен келатканын угуп, аларга каршы согуш ачып, алардын бир нече кишисин туткунга алды.

2 Ошондо Ысрайыл эли Теңирге мындай деп убада берди: «Эгерде бул элди менин колума салып берсең, анда булардын шаарларын талкалайм».

3 Теңир Ысрайыл элинин үнүн угуп, канаандыктарды анын колуна салып берди. Ысрайылдыктар аларды шаарлары менен кошо талкалап жок кылышты. Ошондуктан ал жерди Хорма деп аташты.

**Жез жылан**

4 Эдом жерин айланып өтүш үчүн, алар Ор тоосунан Кызыл деңизге карай кеткен жол менен жөнөштү. Жолдо элдин чыдамы кете баштады.

5 Алар Кудайга каршы, Мусага каршы мындай деп наалышты: «Бизди Мисир жеринен чөлдө өлсүн деп алып чыктыңар беле? Анткени бул жерде нан да, суу да жок, бул жарыбаган тамак көңүлүбүзгө тийди».

6 Ошондо Теңир элге уулуу жыландарды жиберди. Алар Ысрайыл уулдарын чагышты, ошондо алардын бир тобу өлдү.

7 Анан эл Мусага келип, мындай деди: «Биз Теңирге жана сага каршы сүйлөп, күнөөгө баттык. Теңирге сыйынчы, Ал жыландарды жоготсун». Ошондо Муса эл үчүн сыйынды.

8 Теңир Мусага мындай деди: «Жезден жылан жасап, шыргыйга кадап кой, жылан чаккан киши аны бир караса эле, тирүү калат».

9 Муса жезден жылан жасап, шыргыйга кадап койду. Жылан чаккан киши жез жыланды карап, тирүү калып жатты.

**Чөл кезүү**

10 Ысрайыл уулдары жолго чыгып, Оботко келип токтошту.

11 Оботтон чыгып, Жей-Абаримге келип токтошту, ал күн чыгышта, Мааптын каршысындагы чөлдө жайгашкан.

12 Ал жерден чыгып, Зерет өрөөнүнө келип токтошту.

13 Ал жерден чыгып, Арнон суусунун аморлуктардын чек арасына кирбеген жагындагы чөлгө келип токтошту, анткени Арнон суусу Маап менен аморлуктардын ортосунда жаткан Мааптын чек арасы болчу.

14 Ошондуктан Теңирдин согуштары китебинде мындай деп айтылган:

15 «Кызыл деңиздеги Байеп жана Арнон суулары, алардын Шебет-Арга түшкөн жогорку башаттары Маап менен чектешип турат».

16 Ал жерден Бейирге бет алышты. Теңир Мусага «Элиңди чогулт, Мен аларга суу берем» деп айткан кудук ушул.

17 Ошондо Ысрайыл мындай деп ырдады: «Тол, тол кудук! Ал жөнүндө ырдагыла!

18 Бул – төрөлөр жана эл башчылар өздөрүнүн мыйзам таяктары менен казган кудук». Бул чөлдөн чыгып, Матанга бет алышты.

19 Матандан Нахалиелге, Нахалиелден Бамотко жөнөштү.

20 Бамоттон чыгып, Маап жериндеги Пизги тоосунун чокусундагы чөлдү караган Айга жөнөштү.

**Сихон менен Огду жеңип алуу**

21 Ысрайыл аморлуктардын падышасы Сихонго мындай деп айттырганы элчилерин жиберди:

22 «Мага сенин жериң аркылуу өтүүгө уруксат эт. Эгин талааларың менен жүзүмзарларыңды аралап өтпөйбүз, кудуктарыңдан да суу ичпейбиз. Жериңден падышанын жолу менен гана өтүп кетебиз».

23 Бирок Сихон Ысрайыл уулдарына өз жери аркылуу өтүүгө уруксат бербей койду. Ал өзүнүн элин чогултуп, чөлдө Ысрайыл элине каршы чыгып, Жааска чейин келип, Ысрайыл эли менен салгылашты.

24 Ысрайыл аны кылычы менен кыйратып, Арнондон Жабокко чейинки, анын амондуктардын чек арасына чейинки жерлерин басып алды, анткени амондуктардын чек арасы бекем болчу.

25 Ошентип, Ысрайыл ушул шаарлардын баарын ээлеп алды. Ысрайыл аморлуктардын бардык шаарларында, Кешпондо жана ага караштуу бардык шаарларда жашап турду.

26 Анткени Кешпон аморлуктардын падышасы Сихондун шаары эле. Ал мааптыктардын мурунку падышасы менен согушуп, анын Арнонго чейинки жеринин баарын тартып алган.

27 Ошондуктан ырчылар мындай деп ырдашат: «Кешпонго келгиле, Сихондун шаарын кайрадан кургула, тегерете бекемдегиле.

28 Анткени Кешпондон чыккан от, Сихондун шаарынан чыккан жалын Ар-Маапты жана Арнондун бийиктиктерин ээлеп жаткандарды жалмады.

29 Маап, сага кайгы! Кемош эли, кыйрадың! Уулдарың качып жөнөштү, кыздарың болсо Амор падышасы Сихондун туткуну болуп калышты.

30 Биз аларды жебе менен кыйраттык. Кешпон Дибонго чейин кыйрады, биз аларды Мейдебанын жанындагы Нопахка чейин кыйраттык».

31 Ошентип, Ысрайыл аморлуктардын жеринде жашап турду.

32 Муса Жазерди көрүп келүүгө киши жиберди. Анан алар ага караштуу айыл-кыштактарды басып алышты, ал жерлерде жашаган аморлуктарды кууп чыгышты.

33 Анан артка кайрылып, Башанды көздөй жөнөштү. Ошондо Башан падышасы Ог бүт эли менен аларга каршы чыгып, Эдрейдин жанында салгылашты.

34 Ошондо Теңир Мусага: «Сен андан коркпо, анткени Мен анын өзүн, бүт элин, бүт жерин сенин колуңа салып берем. Кешпондо жашаган Амор падышасы Сихонду кандай кылсаң, муну да так ошондой кыласың», – деди.

35 Ошентип, ысрайылдыктар анын өзүн, уулдарын, бүт элин бирин калтырбай кыйратышты, анын жерлерин ээлеп алышты.

**22-БӨЛҮМ**

**Балактын Биламды чакыртышы**

1 Ысрайыл уулдары жолго чыгышып, Жерихонун каршысындагы Иордан суусунун боюна, Маап түздүгүнө келип токтошту.

2 Сипордун уулу Балак Ысрайыл элинин аморлуктарга эмне кылганын көрдү.

3 Маап эли бул элден абдан коркту, себеби элдин саны көп эле. Маап эли Ысрайыл уулдарынан абдан коркту.

4 Ошондо мааптыктар Мидиан аксакалдарына мындай дешти: «Өгүз талаадагы чөптү кандай кайсаса, эми бул эл да биздин айланабызды ошондой кайсайт». Ошол убакта Сипордун уулу Балак Маап элинин падышасы болчу.

5 Ал Эфрат дарыясынын боюндагы Пытордо, өзүнүн элинин жеринде жашаган Бейордун уулу Биламды чакыртып мындай деп айттырыш үчүн элчилерди жиберди: «Мисир жеринен бир эл келип, жердин бетин каптап, менин жанымда жашап калды.

6 Келип, ушул элди каргап бер, анткени бул эл менден алда канча күчтүү. Балким, бул элди кыйратып, жеримден кууп чыкканга ошондо күчүм жетер. Сен кимге бата берсең, ал бата аларын, кимди каргасаң, ал каргышка каларын мен билем».

7 Анан Маап аксакалдары менен Мидиан аксакалдары сыйкырчылык кылдырыш үчүн, белектерин көтөрүп, Биламга келишип, Балактын айткан сөздөрүн ага айтып беришти.

8 Ошондо Билам аларга мындай деди: «Ушул жерге түнөп калгыла. Теңир мага кандай айтса, силерге ошондой жооп берем». Маап аксакалдары Биламдыкында түнөп калышты.

9 Кудай Биламга келип, мындай деп сурады: «Сеникинде түнөп калган кайсы кишилер?»

10 Билам Кудайга мындай деп жооп берди: «Буларды мааптыктардын падышасы Сипордун уулу Балак мындай деп айттырыш үчүн мага жибериптир:

11 “Мисир жеринен бир эл келип, жер бетин каптап калды. Келип, бул элди каргап бер. Балким, мен ошондо булар менен согушууга жарап, жеримден кууп чыгармын”».

12 Ошондо Кудай Биламга мындай деди: «Булар менен барба, ал элди каргаба, анткени ал эл – бата алган эл».

13 Билам эртең менен туруп, Балактын төрөлөрүнө мындай деди: «Жериңерге кете бергиле, анткени Теңир менин силер менен барышымды каалаган жок».

14 Маап төрөлөрү ордуларынан туруп, Балакка келип, мындай дешти: «Билам биз менен келүүгө макул болбой койду».

15 Балак алардан да атактуу, кадыр-барктуу төрөлөрдү жиберди.

16 Алар Биламга келип, мындай дешти: «Сипордун уулу Балак: “Мага келбей койбо.

17 Сага чоң сый көрсөтөм, сен мага эмне айтсаң, ошонун бардыгын жасайм. Келип, бул элди каргап бер”, – деп жатат».

18 Балактын кулдарына Билам мындай деп жооп берди: «Балак мага алтын-күмүшкө толгон үйүн берсе да, Кудай-Теңиримдин буйругун аттап, чоң да, кичине да иш кыла албайм.

19 Ошентсе да, мында түнөп калгыла. Теңир мага дагы эмне дээр экен, ошону билейин».

20 Кудай түн ичинде Биламга келип, мындай деди: «Бул кишилер сени чакырып келсе, ордуңан туруп, булар менен жөнө, бирок Мен айтканды гана кыл».

21 Билам эртеси эртең менен туруп, эшегин токуп, Маап төрөлөрү менен жөнөдү.

**Биламдын эшеги**

22 Анын кеткенине Кудай каарданды. Ошондо ага тоскоолдук кылыш үчүн, Теңирдин периштеси алдынан чыкты. Билам өзүнүн ургаачы эшегин минип бараткан, жанында эки малайы бар эле.

23 Ошондо эшеги колуна кылыч кармап жолунда турган Теңирдин периштесин көрүп, жолдон бурулуп, талаага салды. Билам болсо эшегин жолго кайрыш үчүн сабап кирди.

24 Теңирдин периштеси жүзүмзарлардын ортосундагы кууш жолдо туруп калды. Жолдун эки тарабы тең дубал эле.

25 Эшек Теңирдин периштесин көргөндө, дубал жакка ыктап, Биламдын бутун кысып салды. Билам дагы сабап кирди.

26 Теңирдин периштеси болсо ал жерден жылып, оңго да, солго да бурула алгыс тар жерге туруп алды.

27 Билам минип турган эшек Теңирдин периштесин көрүп, жата калды. Биламдын каары кайнап, эшекти таяк менен сабап кирди.

28 Ошондо Теңир эшекке тил киргизди. Эшек Биламга мындай деди: «Мени үчүнчү ирет сабап жатасың, мен сага эмне кылдым?»

29 Билам эшекке: «Мени келеке кылганың үчүн сабадым. Эгерде колумда кылыч болсо, башыңды азыр эле кыя чапмакмын», – деди.

30 Эшек болсо Биламга: «Ушул күнгө чейин өзүң минип жүргөн алдыңдагы эшегиң мен эмес белем, сага ушинте турган өнөкөтүм бар беле?» – деди. Билам: «Жок!» – деди.

31 Теңир Биламдын көзүн ачты. Ал колуна жalaңдаган кылыч кармап жолдо турган Теңирдин периштесин көрдү. Ошондо ал ага таазим кылып, жүзтөмөндөп жыгылды.

32 Теңирдин периштеси ага мындай деди: «Эмне үчүн эшегиңди үч жолу сабадың? Бараткан жолуң Менин алдымда туура болбогондуктан, Мен сага тоскоолдук кылыш үчүн чыктым.

33 Эшегиң Мени көрүп, үч ирет жолдон бурулду. Бурулуп кетпегенде, Мен аны тирүү калтырып, сени өлтүрүп коймокмун».

34 Билам Теңирдин периштесине мындай деди: «Мен күнөө кылдым, анткени мен Сенин мага каршы чыгып, жолумда турганыңды билген эмесмин. Бул Сага жакпаса, анда мен кайра тартайын».

35 Ошондо Теңирдин периштеси Биламга мындай деди: «Бул кишилер менен бара бер, бирок Мен сага эмне десем, ошону гана сүйлөйсүң». Ошентип, Билам Балактын төрөлөрү менен жөнөп кетти.

**Балак менен Билам**

36 Балак Биламдын келе жатканын угуп, аны Арнондун жанындагы чек арада жайгашкан мааптыктардын шаарынан тосуп чыкты.

37 Балак Биламга мындай деди: «Мен сени чакырткана киши жибербедим беле. Эмне үчүн келбей койдуң? Мен сени кантип эле сыйлай албай калайын?»

38 Билам Балакка мындай деди: «Мына, мен сага келдим, бирок мен өзүм бирдеме айта алар бекем? Кудай оозума эмнени салса, мен ошону гана айтам».

39 Анан Билам Балак менен кетти. Алар Кирийат-Хутсотко келишти.

40 Балак өгүздөрдү, койлорду союп, Биламга жана аны менен бирге келген төрөлөргө берип жиберди.

**Биламдын биринчи пайгамбарчылыгы**

41 Балак эртеси эртең менен Биламды Баал бийиктиктерине чыгарып, ошол жерден Ысрайыл элинин бир бөлүгүн көрсөттү.

**23-БӨЛҮМ**

1 Ошондо Билам Балакка: «Мага бул жерге жети курмандык чалынуучу жай орнотуп, жети букачар, жети кочкор даярдап бер», – деди.

2 Балак Билам айткандай кылды. Ар бир курмандык чалынуучу жайда Балак менен Билам бирден букачар, бирден кочкор чалышты.

3 Анан Билам Балакка: «Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыгыңдын жанында туруп тур, мен барып келейин. Балким, Теңир мага жолугар. Ал мага эмнени айтса, ошону сага айтам», – деп айтып, бийик жерге чыгып кетти.

4 Ошондо Кудай Биламга жолукту. Билам Кудайга: «Мен жети курмандык чалынуучу жай орнотуп, ар бир курмандык чалынуучу жайда бирден букачар, бирден кочкор чалдым», – деди.

5 Ошондо Теңир Биламдын айтчу сөзүн оозуна салып: «Балакка кайра барып, ушул сөздөрдү айт», – деди.

6 Билам Балакка кайтып келсе, ал өзүнүн бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыгынын жанында Маап төрөлөрү менен туруптур.

7 Ошондо Билам мындай деди: «Маап падышасы Балак мени Месопотамиядан, чыгыш тоолорунан алдырып алып: “Кел, Жакыпты каргап бер, кел, Ысрайыл элин каргап бер”, – деди.

8 Кудай аны каргабаса, мен аны кантип каргайын? Теңир ага жамандык кылбаса, мен ага кантип жамандык кылайын?

9 Мен аны аскалардын чокусунан көрүп турам, адырлардын башынан карап турам: бул өзүнчө жашаган, эсепке кирбеген эл экен.

10 Кумдай сансыз Жакыпты ким санап чыгат да, Ысрайылдын төрттөн бир бөлүгүн ким эсептеп чыгат? Ошол адил адамдар өлгөн сыяктуу өлсөм экен, күнүм ошолордуку сыяктуу эле бүтсө экен!»

11 Ошондо Балак Биламга: «Бул эмне кылганың? Мен сени кас душмандарымды каргап берсин деп алдырбадым беле, сен болсо бата берип жатасың!» – деди.

12 Билам болсо: «Теңир оозума эмнени салса, мен так ошону айтышым керек эмеспи», – деп жооп берди.

**Биламдын экинчи пайгамбарчылыгы**

13 Балак ага: «Жүр мени менен башка жерге, сен ал элди ошол жерден көрөсүң, бирок бүт бойдон көрбөйсүң, бир бөлүгүн гана көрөсүң, ошол жерден каргап бер», – деди.

14 Анан аны Пизги тоосунун чокусундагы сакчылар турган жерге алып келип, жети курмандык чалынуучу жай орнотуп, ар бир курмандык чалынуучу жайда бирден букачар, бирден кочкор чалды.

15 Ошондо Билам Балакка: «Ушул жерде, бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыгыңдын жанында туруп тур, мен болсо тигил жакка Кудай менен жолукканы барып келейин», – деди.

16 Теңир Биламга жолугуп, айтар сөзүн оозуна салып: «Балакка кайра барып, ушул сөздөрдү айт», – деди.

17 Ал кайра келсе, Балак өзүнүн бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыгынын жанында Маап төрөлөрү менен туруптур. Ошондо Балак андан: «Теңир эмне деп айтты?» – деп сурады.

18 Ал мындай сөздөрдү айтты: «Тур, Балак, мени ук, Сипор уулу, сөзүмө кулак сал.

19 Калп айткыдай, Кудай адам эмес, өзгөрүлүп кеткидей, Кудай адам баласы эмес. Ал айтканын аткарбай коймок беле? Ал дегенин кылбай коймок беле?

20 Мына, мен бата бере баштадым, анткени Ал Өзү бата берип жатат, ошондуктан мен муну өзгөртө албайм.

21 Жакыптын башына мүшкүл түшөрү көрүнбөйт, Ысрайылдын башына бактысыздык келери билинбейт. Кудай, анын Теңири, аны менен, Ысрайылдан падыша сурнайынын үнү чыгат.

22 Аларды Мисирден Кудай алып чыккан, алардын күчү буйволдун күчүндөй.

23 Жакыпка эч кандай көз байлоочулук таасир этпейт, Ысрайылга сыйкыр таасир этпейт. Өз учурунда Жакып тууралуу, Ысрайыл тууралуу: “Карагылачы, Кудай кандай укмуштарды жаратты!” – деп айтышат.

24 Бул эл ургаачы арстандай комдонуп, эркек арстандай турду. Эми ал олжосун басып жемейинче, жайлаганынын канына канмайынча жатпайт».

25 Балак Биламга мындай деди: «Аны каргабасаң каргабай эле кой, бата бербесең бербей эле кой».

26 Билам Балакка мындай деп жооп берди: «Теңир мага эмнени айтса, ошону аткарам деп, мен сага айтпадым беле?»

**Биламдын үчүнчү пайгамбарчылыгы**

27 Ошондо Балак Биламга: «Жүр, мен сени башка жерге алып барайын, балким, бул Кудайга жагар, ошол жактан элди каргап бересиң», – деди.

28 Анан Балак Биламды чөлдү караган Пейор тоосунун чокусуна алып чыкты.

29 Билам Балакка: «Мага ушул жерге жети курмандык чалынуучу жай орнотуп, жети букачар, жети кочкор даярдап бер», – деди.

30 Балак Билам айткандай кылып, ар бир курмандык чалынуучу жайда бирден букачар, бирден кочкор чалды.

**24-БӨЛҮМ**

1 Билам Ысрайыл элине бата берүү Теңирге жагарын көрүп, мурдагыдай сыйкырчылык кылбай, бурулуп, чөлдү карап туруп калды.

2 Анан Билам көз чаптырып, өз-өз уруусу менен турган Ысрайыл элин көрдү. Ошондо анын үстүнө Кудайдын Руху түштү.

3 Ошондо ал мындай сөздөрдү айтты: «Бейордун уулу Билам сүйлөп жатат, ачык көргөн адам айтып жатат,

4 Кудайдын сөзүн угуп жаткан, Кудуреттүүнүн аянын көрүп жаткан адам айтып жатат. Ал жыгылып бара жатат, бирок ал ачык көрүп турат:

5 Жакып, чатырларың, Ысрайыл, үйлөрүң кандай сонун!

6 Алар дарыя боюндагы бактардай, Теңир отургузган алой дарактарындай, суу боюндагы кедр дарактарындай, өрөөндөй созулуп жатат.

7 Анын чакаларынан суу ашып-ташып төгүлүп турат, анын укум-тукуму чоң суулардай жайылат. Анын падышасы Агактан да өтүп, падышачылыгынын зоболосу артат.

8 Аны Мисирден Кудай алып чыккан. Анын күчү буйволдун күчүндөй, ал өзүнө каршы чыккан элди жеп салат, сөөктөрүн талкалап, жебеси менен жексен кылат.

9 Ал тизе бүктү, эркек арстандай, ургаачы арстандай жатат, аны ким тургуза алат? Сага бата берген бата алат, сени каргаган каргышка калат!»

10 Ошондо Балактын Биламга каары кайнап, колун серпип, ага мындай деди: «Мен сени душманымды каргасын деп чакыргам, бирок сен аларга үч жолу бата бердиң.

11 Өз жолуңа түш, мен сени сыйлайын дедим эле, бирок Теңир сени сыйдан ажыратып жатат».

12 Ошондо Билам Балакка мындай деди: «Мен сенин мага жиберген элчилериңе:

13 "Балак мага алтын-күмүшкө толгон үйүн берсе да, Теңирдин буйругун буза албайм, өз эрким менен жакшылык же жамандык кыла албайм. Теңир эмнени айтса, мен ошону айтам", – деп айтпадым беле.

**Биламдын акыркы пайгамбарчылыктары**

14 Мен өз элиме кетип бара жатам. Жүр мени менен, мен сага келечекте бул эл сенин элиңди эмне кыларын айтып берем».

15 Анан ал мындай сөздөрдү айтты: «Бейордун уулу Билам сүйлөп жатат, ачык көргөн адам айтып жатат.

16 Кудайдын сөзүн угуп жаткан, Бардыгынан Жогору Тургандан акылмандуулук алган, Кудуреттүүнүн аянын көрүп жаткан адам айтып жатат. Ал жыгылып бара жатат, бирок ал ачык көрүп турат.

17 Аны көрүп турам, бирок ал азырынча жок. Аны көрүп турам, бирок али ал жакын эмес. Жакыптан жылдыз чыгат, Ысрайылдын бийлик таягы көтөрүлөт, ал Мааптын төрөлөрүнө сокку урат, Шет уулдарынын бардыгын кыйратат.

18 Эдом бийлик астында болот, Сеир өз душмандарынын бийлиги астында болот, Ысрайыл болсо өз күчүн көрсөтөт.

19 Жакыптын тукуму калган шаарларды басып алып талкалайт».

20 Анан ал амалыктыктарды көрүп, мындай сөздөрдү айтты: «Амалык – байыркы элдердин бири, бирок ал акырында кыйрап жок болот».

21 Анан ал кейниликтерди көрүп, мындай сөздөрдү айтты: «Сенин турагың бекем, сенин уяң аскага салыныптыр.

22 Бирок Ашур сени колго түшүрүп, туткундап кетерине аз калганда, Кабыл бүлгүнгө учурайт».

23 Анан ал дагы мындай сөздөрдү айтты: «О, кандай кайгы, Кудай муну кылганда ким тирүү калат!

24 Китимден кемелер келип, Ашурду багынтып алат, Эйберди да багынтып алат, бирок алар да ойрон болушат!»

25 Анан Билам ордунан туруп, келген жагына, өз жерине кетти, Балак да өз жолу менен кетти.

**25-БӨЛҮМ**

**Ысрайыл элинин Шитимде жалган кудайларга табынышы**

1 Ысрайыл Шитимде жашап турду. Ошондо Ысрайыл эли Маап кыздары менен ойноштук кылып бузула баштады.

2 Алар Ысрайыл элин өз кудайларына курмандык чалганда чакырып турушту. Эл алардын курмандыгынан жеп, алардын кудайларына табына баштады.

3 Ошентип, Ысрайыл Баал-Пейор деген жасалма кудайга табына баштады. Ошондо Теңир Ысрайылга каарданды.

4 Теңир Мусага мындай деди: «Бардык эл башчыларды алып, күн астында, Теңирдин алдында асып сал, ошондо Теңирдин Ысрайылга болгон жалындаган каары кайтат».

5 Муса Ысрайыл башкаруучуларына: «Ар бириңер Баал-Пейорго жабышкан адамдарыңарды өлтүргүлө», – деди.

6 Ысрайыл уулдарынын бүт жамааты жыйын чатырынын алдында ыйлап жатканда, Ысрайыл уулдарынан бирөө Мусанын жана жамааттын көз алдында бир мидиандык кызды өз бир туугандарына алып келди.

7 Ыйык кызмат кылуучу Аруундун уулу, Элазардын уулу Пинехас муну көрүп, жамааттын ортосунан тура калып, найзасын колуна алып,

8 жанагы ысрайылдыктын артынан кирди да, экөө жаткан жеринен ысрайылдыкты да, аялды да ичке сайды. Ошондон кийин Ысрайыл уулдарынын кырылганы токтоду.

9 Кырылган ысрайылдыктардын саны жыйырма төрт миң эле.

10 Теңир Мусага мындай деди:

11 «Ыйык кызмат кылуучу Аруундун уулу, Элазардын уулу Пинехас Ысрайыл уулдарынын арасында Мага болгон кызганычын көрсөтүп, Менин аларга болгон каарымды кайттырды, ошондуктан Мен кызганычым менен аларды толук жок кылып салган жокмун.

12 Ошондуктан ага мындай деп айт: “Мына, Мен ага Өзүмдүн тынчтык келишимимди берип жатам.

13 Ал келишим ага жана анын укум-тукумуна ыйык кызмат кылуучулукту түбөлүккө калтыруу келишими болот, анткени ал өз Кудайына болгон кызганычын көрсөтүп, Ысрайыл уулдарын куткарып калды”».

14 Мидиандык аял менен бирге өлтүрүлгөн ысрайылдыктын аты Шымон уруусунун башчысы Саланын уулу Зимри болчу.

15 Ал эми өлтүрүлгөн мидиандык аялдын аты Козби эле. Ал Мидиандагы Омот уруусунун башчысы Сурдун кызы болчу.

16 Теңир Мусага дагы мындай деди:

17 «Мидиандыктарга каршы согуш ачып, аларды талкалагыла.

18 Анткени алар силерге жаман ой менен кастык кылып, силерди Пейор менен, мидиандык башчынын кызы – өздөрүнүн бир тууган карындашы Козби менен азгырды. Козби Пейор үчүн кыргын болгон күнү өлтүрүлдү».

**26-БӨЛҮМ**

**Ысрайылды экинчи жолу санап чыгуу**

1 Ошол кыйроодон кийин Теңир Мусага жана ыйык кызмат кылуучу Арундун уулу Элазарга мындай деди:

2 «Ысрайыл уулдарынын бүт жамаатындагы жыйырма жана андан жогорку жаштагы согушка жарактууларын уруусу боюнча санап чыккыла».

3 Жерихонун маңдайындагы Иордандын боюнда, Маап түздүгүндө Муса менен ыйык кызмат кылуучу Элазар аларга мындай дешти:

4 «Теңир Мусага буйругандай, Мисир жеринен чыккан Ысрайыл уулдарынын жыйырма жана андан жогорку жаштагыларынын бардыгын санап чыккыла.

5 Ысрайылдын туну – Рубейин. Рубейиндин уулдарынан тараган уруулар: Ханохтон тараган Ханох уруусу, Палудан тараган Палу уруусу,

6 Хесрондон тараган Хесрон уруусу, Кармиден тараган Карми уруусу.

7 Мына ушулар – Рубейиндин уруулары. Булардын саны кырк үч миң жети жүз отуз болду.

8 Палунун уулу – Элийап.

9 Элийаптын уулдары: Немуел, Датан жана Абырам. Теңирге каршы чыккан Корактын таламдаштарына кошулуп, Муса менен Арунга каршы чыккан Датан менен Абырам ушул.

10 Ошондо жер араанын ачып, аларды жана Коракты жутуп алган. От эки жүз элүү кишини өрттөп кеткенде, алар менен бирге таламдаштары да өлүшкөн. Бул аларга эскертүү болуп калган.

11 Бирок Корактын уулдары өлгөн эмес.

12 Шымондун уулдарынан тараган уруулар: Немуелден тараган Немуел уруусу, Жаминден тараган Жамин уруусу, Жахинден тараган Жахин уруусу,

13 Зерактан тараган Зерак уруусу, Шабулдан тараган Шабул уруусу.

14 Мына ушулар – Шымондун уруулары, алардын саны – жыйырма эки миң эки жүз.

15 Гат уулдарынан тараган уруулар: Сепондон тараган Сепон уруусу, Хагиден тараган Хаги уруусу, Шуниден тараган Шуни уруусу,

16 Озниден тараган Озни уруусу, Эйриден тараган Эйри уруусу,

17 Ароттон тараган Арот уруусу, Арейлиден тараган Арейли уруусу.

18 Мына ушулар – Гат уруулары, алардын саны – кырк миң беш жүз.

19 Жүйүттүн уулдары: Эйир жана Онан. Бирок Эйир менен Онан Канаан жеринде өлүшкөн.

20 Жүйүттүн уулдарынан тараган уруулар: Шейладан тараган Шейла уруусу, Перестен тараган Перес уруусу, Зерактан тараган Зерак уруусу.

21 Перестин уруулары: Кесрондон тараган Кесрон уруусу, Хамулдан тараган Хамул уруусу.

22 Мына ушулар – Жүйүт уруулары, алардын саны – жетимиш алты миң беш жүз.

23 Исахар уулдарынан тараган уруулар: Толадан тараган Тола уруусу, Пубадан тараган Пуба уруусу,

24 Жашуптан тараган Жашуп уруусу, Шимрондон тараган Шимрон уруусу.

25 Мына ушулар – Исахар уруулары, алардын саны – алтымыш төрт миң үч жүз.

26 Забулун уулдарынан тараган уруулар: Сереттен тараган Серет уруусу, Эйлондон тараган Эйлон уруусу, Жахлиелден тараган Жахлиел уруусу.

27 Мына ушулар – Забулун уруулары, алардын саны – алтымыш миң беш жүз.

28 Жусуптун уулдарынан тараган уруулар: Менаше менен Эпрайым.

29 Менашенин уулдары: Махирден тараган Махир уруусу. Махирден Гилат туулган, Гилаттан Гилат уруусу тараган.

30 Гилаттын уулдары булар: Жезерден тараган Жезер уруусу, Хейлектен тараган Хейлек уруусу,

31 Асриелден тараган Асриел уруусу, Шехемден тараган Шехем уруусу,

32 Шемиттен тараган Шемит уруусу, Хейперден тараган Хейпер уруусу.

33 Хейпер уулу Салапаттын эркек балдары болгон эмес, кыздары гана болгон. Салапаттын кыздарынын аттары: Махла, Ноя, Хогла, Милка жана Тирса.

34 Мына ушулар – Менаше уруулары, алардын саны – элүү эки миң жети жүз.

35 Эпрайымдын уулдарынан тараган уруулар: Шутелахтан тараган Шутелах уруусу, Бехерден тараган Бехер уруусу, Тахандан тараган Тахан уруусу.

36 Шутелахтын уулдары булар: Эйрондон тараган Эйрон уруусу.

37 Мына ушулар – Эпрайым уулдарынан тараган уруулар, алардын саны – отуз эки миң беш жүз. Өз-өз уруулары боюнча Жусуптун уулдары ушулар.

38 Бенжеминдин уулдарынан тараган уруулар мына булар: Беладан тараган Бела уруусу, Ашбелден тараган Ашбел уруусу, Акирамдан тараган Акирам уруусу,

39 Шепупамдан тараган Шепупам уруусу, Хупамдан тараган Хупам уруусу.

40 Беланын уулдары: Арт менен Нааман. Арттан Арт уруусу, Наамандан Нааман уруусу тараган.

41 Бенжеминдин уулдарынан тараган уруулар ушулар, алардын саны – кырк беш миң алты жүз.

42 Дандын уулдарынан тараган уруулар мына булар: Шухамдан тараган Шухам уруусу. Дандын уулдарынан тараган уруулар ушулар.

43 Шухамдын урууларын санап чыкканда, алтымыш төрт миң төрт жүз болду.

44 Ашырдын уулдарынан тараган уруулар булар: Имнадан тараган Имна уруусу, Ишпадан тараган Ишпа уруусу, Бириядан тараган Бирия уруусу.

45 Бириянын уулдары: Хеберден тараган Хебер уруусу, Малкиелден тараган Малкиел уруусу.

46 Ашырдын кызынын аты Сара эле.

47 Ашырдын уулдарынан тараган урууларды санап чыкканда, элүү үч миң төрт жүз болду.

48 Напталынын уулдарынан тараган уруулар булар: Жахсиелден тараган Жахсиел уруусу, Гуниден тараган Гуни уруусу,

49 Жетсерден тараган Жетсер уруусу, Шилемден тараган Шилем уруусу.

50 Напталынын уулдарынан тараган урууларды санап чыкканда, кырк беш миң төрт жүз болду.

51 Ысрайыл уулдарынын жалпы саны алты жүз бир миң жети жүз отуз болду.

52 Анан Теңир Мусага мындай деди:

53 «Жер адам санына жараша бөлүнсүн.

54 Кайсы уруунун саны көп болсо, ага көбүрөөк жер бер. Кайсы уруунун саны азыраак болсо, ага азыраак жер бер. Жерди ар бир уруунун санына жараша бөлүштүр.

55 Жер өкчөмө таш менен бөлүштүрүлсүн, алар ата-бабаларынын урууларынын аттарына жараша үлүш алышсын.

56 Жер саны көп урууга да, саны аз урууга да өкчөмө таш менен бөлүштүрүлсүн».

57 Өз-өз уруулары боюнча эсепке кирген Леби уруулары булар: Гейиршондон тараган Гейиршон уруусу, Кааттан тараган Каат уруусу, Мерариден тараган Мерари уруусу.

58 Лебиден тараган уруулар булар: Либни уруусу, Хеброн уруусу, Махли уруусу, Муши уруусу, Корак уруусу. Кааттан Амрам төрөлгөн.

59 Амрамдын аялынын аты – Жохебет, ал – Лебинин кызы. Аны Лебинин аялы Мисирде төрөгөн. Ал Амрамга Арун менен Мусаны жана алардын карындашы Мириямды төрөп берген.

60 Арундан Надап менен Абыйут, Элазар менен Итамар төрөлгөн.

61 Бирок Надап менен Абыйут Теңирдин алдына башка от алып келгени үчүн өлүшкөн.

62 Ошентип, бир айлык жана андан жогорку жаштагы эркек аттуулардын саны жыйырма үч миң болду. Алар Ысрайыл уулдары менен чогуу эсептелген жок, анткени Ысрайыл уулдарынын арасынан аларга жер бөлүнгөн эмес.

63 Жерихонун маңдайындагы Иордандын боюнда, Маап түздүгүндө Муса менен ыйык кызмат кылуучу Элазар санап чыккан Ысрайыл уулдарынын эсепке киргендери ушулар.

64 Булардын эсебине Муса менен ыйык кызмат кылуучу Арун Синай чөлүндө санап чыккан Ысрайыл уулдарынан бир да киши кирген жок.

65 Анткени Теңир алар жөнүндө: «Алар чөлдө өлүшөт», – деп айткан. Жепундун уулу Калеп менен Нундун уулу Жашыядан башка алардан эч ким калган жок.

**27-БӨЛҮМ**

**Салапаттын кыздары**

1 Ошондо Салапаттын кыздары келишти. Салапат Хейпердин, Хейпер Гилаттын, Гилат Махирдин, Махир Менашенин, Менаше Жусуптун уулу. Салапаттын кыздарынын аттары Махла, Ноя, Хогла, Милка жана Тирса эле.

2 Алар Муса менен ыйык кызмат кылуучу Элазардын, төрөлөр менен бардык жамааттын алдына келип, жыйын чатырынын оозунда туруп, мындай дешти:

3 «Биздин атабыз чөлдө өлгөн, ал Теңирге каршы чыккан Корактын таламдаштарынын арасында болгон эмес, ал өз күнөөсү үчүн өлгөн, анын эркек балдары болгон эмес.

4 Эркек баласы жок болсо эле, атабыздын аты өз уруусунун арасынан өчүп калышы керекпи? Атабыздын бир туугандарынын арасынан бизге да жер бергиле».

5 Муса бул ишти Теңирдин алдына койду.

6 Ошондо Теңир Мусага мындай деди:

7 «Салапаттын кыздары туура айтып жатат, аларга атасынын бир туугандарынын арасынан мураска жер бер, аларга атасынын үлүшүн бер.

8 Анан Ысрайыл уулдарына мындай деп айт: “Ким эркек бала көрбөй өлсө, анда анын энчисин кыздарына өткөрүп бергиле.

9 Эгерде кыздары жок болсо, анда анын энчисин бир туугандарына бергиле.

10 Эгерде бир туугандары жок болсо, анда анын үлүшүн атасынын бир туугандарына бергиле.

11 Эгерде атасынын бир туугандары жок болсо, анда анын үлүшүн мураска калтыруу үчүн, өз уруусундагы жакын туугандарынын бирине бергиле. Теңир Мусага буйругандай, бул мыйзам Ысрайыл уулдарына түбөлүккө калсын"».

**Нундун уулу Жашыя – Мусанын орун басары**

12 Теңир Мусага дагы мындай деди: «Мына бул Абарым тоосуна чыгып, Мен Ысрайыл уулдарына берип жаткан жерди кара.

13 Ал жерди карап чыккандан кийин, бир тууганың Арун өз элине кошулгандай, сен да өз элиңе кошул.

14 Анткени силер Син чөлүндө Менин буйругумду аткарбай койгонсуңар, бүт жамаат наалып жатканда, Мериба суусунун боюнда аларга Менин ыйыктыгымды көрсөткөн эмессиңер».

15 Муса Теңирге мындай деди:

16 «Теңир, бардык адамдардын рухунун Кудайы, ушул жамаатты башкара турган адамды дайындап койсо экен.

17 Теңирдин жамааты кайтаруучусу жок койлордой болбошу үчүн, алардын алдында кирип-чыга турган, аларды алып чыгып, алып кире турган адам болсо экен».

18 Ошондо Теңир Мусага мындай деди: «Ичинде Рух бар Нундун уулу Жашыяны өзүңө чакырып, башына колуңду кой,

19 аны ыйык кызмат кылуучу Элазардын алдына, бүт жамааттын алдына тургузуп, алардын көз алдында ага акыл-насаат айт.

20 Ысрайыл уулдарынын бүт жамааты ага баш ийиши үчүн, өз даңкыңдан бер.

21 Ал ыйык кызмат кылуучу Элазарга кайрылып турсун. Элазар болсо Теңирдин чечимин урим аркылуу сурасын. Ысрайылдын бардык уулдары менен бүткүл жамааты аны менен бирге болуп, анын айтканы боюнча кирип-чыгып турууга тийиш».

22 Теңир буйругандай, Муса Жашыяны чакырып, ыйык кызмат кылуучу Элазардын жана бүт жамааттын алдына койду.

23 Анан ал Жашыянын башына колун коюп, Теңир кандай айтса, ошондой кылып, ага акыл-насаат айтты.

**28-БӨЛҮМ**

**Курмандыктарды алып келүү тартиби**

1 Теңир Мусага мындай деди:

2 «Ысрайыл уулдарына мындай деп буйрук бер: Алар Мага курмандыктарын, нан курмандыктарын жыты Мага жаккан курмандыктар катары өз убагында алып келип турушсун.

3 Аларга дагы мындай де: Теңирге мындай курмандыктарды алып келишсин: дайыма чалынуучу бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка эч кемчилиги жок бир жылдык эки козу алып келишсин.

4 Бир козуну эртең менен, экинчи козуну кечинде алып келишсин.

5 Нан курмандыгына сыгылган зайтун майынан гиндин төрттөн бир бөлүгүндөй өлчөмдө кошулган эйфанын ондон бир бөлүгүнчөлүк буудай унун алып келишсин.

6 Бул – жыты Теңирге жаккан, Ага арналган дайыма чалынуучу бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык. Синай тоосунда ушундай курмандык чалынган.

7 Ар бир козу менен кошо гиндин төрттөн бир бөлүгүнчөлүк куюлуучу курмандык алып келишсин. Куюлуучу курмандыкка алып келген шарапты Теңирге арнап ыйык жайда куй.

8 Жыты Теңирге жаккан курмандыкка экинчи козуну кечинде алып кел, аны эртең мененки козуну алып келгендей, нан курмандыктары менен, куюлуучу курмандыктары менен алып кел.

**Ишемби күнү алып келинүүчү курмандык**

9 Ишемби күнү болсо эч кемчилиги жок бир жылдык эки козу алып келгиле, аны менен кошо зайтун майы кошулган эйфанын ондон эки бөлүгүнчөлүк буудай унун жана куюлуучу курмандык алып келгиле.

10 Бул курмандык – дайыма чалынуучу бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык менен куюлуучу курмандыктан тышкары ар бир ишемби сайын чалынуучу бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык.

**Ай жаңырганда алып келинүүчү курмандыктар**

11 Ай жаңырганда да Теңирге арнап бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыгыңарды алып келгиле. Бодо малдан эки букачар, кемчилиги жок бир кочкор жана бир жылдык жети козу,

12 ар бир букачар менен кошо нан курмандыгына зайтун майы кошулган эйфанын ондон үч бөлүгүнчөлүк буудай унун, кочкор менен кошо нан курмандыгына зайтун майы кошулган эйфанын ондон эки бөлүгүнчөлүк буудай унун,

13 ар бир козу менен кошо нан курмандыгына зайтун майы кошулган эйфанын ондон бир бөлүгүнчөлүк буудай унун алып келгиле. Бул курмандык – жыты Теңирге жаккан бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык.

14 Бир букачар менен кошо куюлуучу курмандыкка жарым гин шарап, бир кочкор менен кошо үчтөн бир гин шарап, ар бир козу менен кошо төрттөн бир гин шарап алып келгиле. Бул курмандык – жылдын бардык айларында ай жаңырган сайын бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык.

15 Дайыма чалынуучу бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктан тышкары күнөөңөр үчүн чалынуучу курмандыкка Теңирге арнап бир текени куюлуучу курмандык менен кошо алып келгиле.

**Пасах майрамында алып келинүүчү курмандыктар**

16 Биринчи айдын он төртүнчү күнү – Теңирдин Пасах майрамы.

17 Ошол айдын он бешинчи күнү – майрам. Жети күн ачыткысыз нан жегиле.

18 Биринчи күнү ыйык чогулуш өткөргүлө, эч кандай жумуш кылбагыла.

19 Теңирге арнап бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка эки букачар, бир кочкор, бир жылдык жети козу чалгыла. Алар эч кемчилиги жок болсун.

20 Бир букачар менен кошо нан курмандыгына зайтун майы кошулган эйфанын ондон үч бөлүгүнчөлүк буудай унун, бир кочкор менен кошо эйфанын ондон эки бөлүгүнчөлүк буудай унун алып келгиле.

21 Ал эми жети козунун ар бири менен кошо эйфанын ондон бир бөлүгүнчөлүк буудай унун алып келгиле.

22 Тазаланышыңар үчүн, күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка бир теке жетелеп келгиле.

23 Буларды дайыма эртең менен чалынуучу бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктан тышкары алып келгиле.

24 Жети күн бою так ушундай кылып алып келгиле. Бул нан курмандыгы – жыты Теңирге жаккан курмандык. Бул курмандыкты дайыма чалынуучу бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык менен куюлуучу курмандыктан тышкары алып келиш керек.

25 Жетинчи күнү да ыйык чогулуш өткөргүлө, эч кандай жумуш кылбагыла.

**Биринчи түшүм жыйнаган күнү алып келинүүчү курмандыктар**

26 Биринчи түшүм жыйнаган күнү, Теңирге жаңы дандан нан курмандыгын алып келгениңерде, Жумалар майрамыңарда ыйык чогулуш өткөргүлө, эч кандай жумуш кылбагыла.

27 Жыты Теңирге жаккан бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка эки букачар, бир кочкор, бир жылдык жети козу,

28 ар бир букачар менен кошо нан курмандыгына зайтун майы кошулган эйфанын ондон үч бөлүгүнчөлүк буудай унун, кочкор менен кошо эйфанын ондон эки бөлүгүнчөлүк буудай унун,

29 жети козунун ар бири менен кошо эйфанын ондон бир бөлүгүнчөлүк буудай унун алып келгиле.

30 Тазаланышыңар үчүн, күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка бир теке алып келгиле.

31 Дайыма чалынуучу бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык менен нан курмандыгынан тышкары бул курмандыктарды куюлуучу курмандык менен кошо Мага алып келгиле. Алардын эч кемчилиги жок болсун.

**29-БӨЛҮМ**

**Сурнай тартылчу күнү алып келинүүчү курмандыктар**

1 Жетинчи айдын биринчи күнү ыйык чогулуш өткөргүлө. Эч кандай жумуш кылбагыла. Бул күн силерде сурнай тартчу күн болсун.

2 Жыты Теңирге жаккан бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка эч кемчилиги жок бир букачар, бир кочкор, бир жылдык жети козу чалгыла.

3 Букачар менен кошо нан курмандыгына зайтун майы кошулган эйфанын ондон үч бөлүгүнчөлүк буудай унун, кочкор менен кошо эйфанын ондон эки бөлүгүнчөлүк буудай унун,

4 жети козунун ар бири менен кошо эйфанын ондон бир бөлүгүнчөлүк буудай унун алып келгиле.

5 Тазаланышыңар үчүн, күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка бир теке алып келгиле.

6 Бул курмандыктарды ай жаңырганда чалынуучу бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык менен нан курмандыгынан тышкары жана дайыма чалынуучу бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык менен нан курмандыгынан тышкары, алар үчүн белгиленген куюлуучу курмандыктардан тышкары жыты Теңирге жаккан курмандык катары алып келгиле.

**Тазалануу күнүндө алып келинүүчү курмандыктар**

7 Ушул жетинчи айдын онунчу күнү ыйык чогулуш өткөргүлө. Ошол күнү өзүңөрдү орозо менен жоошуткула, эч кандай жумуш кылбагыла.

8 Жыты Теңирге жаккан бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка эч кемчилиги жок бир букачар, бир кочкор, бир жылдык жети козу алып келгиле.

9 Бир букачар менен кошо нан курмандыгына зайтун майы кошулган эйфанын ондон үч бөлүгүнчөлүк буудай унун, кочкор менен кошо эйфанын ондон эки бөлүгүнчөлүк буудай унун,

10 жети козунун ар бири менен кошо эйфанын ондон бир бөлүгүнчөлүк буудай унун алып келгиле.

11 Күнөөдөн тазаланчу күнү чалынган курмандыктан тышкары, дайыма чалынуучу бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктан жана нан курмандыгы менен куюлуучу курмандыктан тышкары күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка бир теке алып келгиле.

**Алачыктар майрамында алып келинүүчү курмандыктар**

12 Жетинчи айдын он бешинчи күнү ыйык чогулуш өткөргүлө, эч кандай жумуш кылбагыла. Теңирдин майрамын жети күн майрамдагыла.

13 Жыты Теңирге жаккан бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка он үч букачар, эки кочкор, бир жылдык он төрт козу алып келгиле. Алардын кемчилиги жок болсун.

14 Он үч букачардын ар бири менен кошо нан курмандыгына зайтун майы кошулган эйфанын ондон үч бөлүгүнчөлүк буудай унун, эки кочкордун ар бири менен кошо эйфанын ондон эки бөлүгүнчөлүк буудай унун,

15 он төрт козунун ар бири менен кошо эйфанын ондон бир бөлүгүнчөлүк буудай унун алып келгиле.

16 Дайыма чалынуучу бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктан, нан курмандыгы менен куюлуучу курмандыктан тышкары күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка бир теке алып келгиле.

17 Экинчи күнү кемчилиги жок он эки букачар, эки кочкор, бир жылдык он төрт козу,

18 алар менен бирге букачарлардын, кочкорлордун, козулардын санына жараша белгиленген нан курмандыгын, куюлуучу курмандыкты алып келгиле.

19 Дайыма чалынуучу бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктан, нан курмандыгы менен куюлуучу курмандыктан тышкары күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка бир теке алып келгиле.

20 Үчүнчү күнү кемчилиги жок он бир букачар, эки кочкор, бир жылдык он төрт козу,

21 алар менен кошо букачарлардын, кочкорлордун, козулардын санына жараша белгиленген нан курмандыгын, куюлуучу курмандыкты алып келгиле.

22 Дайыма чалынуучу бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктан, нан курмандыгы менен куюлуучу курмандыктан тышкары күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка бир теке алып келгиле.

23 Төртүнчү күнү кемчилиги жок он букачар, эки кочкор, бир жылдык он төрт козу,

24 алар менен кошо букачарлардын, кочкорлордун, козулардын санына жараша белгиленген нан курмандыгын, куюлуучу курмандыкты алып келгиле.

25 Дайыма чалынуучу бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктан, нан курмандыгы менен куюлуучу курмандыктан тышкары күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка бир теке алып келгиле.

26 Бешинчи күнү кемчилиги жок тогуз букачар, эки кочкор, бир жылдык он төрт козу,

27 алар менен кошо букачарлардын, кочкорлордун, козулардын санына жараша белгиленген нан курмандыгын, куюлуучу курмандыкты алып келгиле.

28 Дайыма чалынуучу бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктан, нан курмандыгы менен куюлуучу курмандыктан тышкары күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка бир теке алып келгиле.

29 Алтынчы күнү кемчилиги жок сегиз букачар, эки кочкор, бир жылдык он төрт козу,

30 алар менен кошо букачарлардын, кочкорлордун, козулардын санына жараша белгиленген нан курмандыгын, куюлуучу курмандыкты алып келгиле.

31 Дайыма чалынуучу бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктан, нан курмандыгы менен куюлуучу курмандыктан тышкары күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка бир теке алып келгиле.

32 Жетинчи күнү кемчилиги жок жети букачар, эки кочкор, бир жылдык он төрт козу,

33 алар менен кошо букачарлардын, кочкорлордун, козулардын санына жараша белгиленген нан курмандыгын, куюлуучу курмандыкты алып келгиле.

34 Дайыма чалынуучу бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктан, нан курмандыгы менен куюлуучу курмандыктан тышкары күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка бир теке алып келгиле.

35 Сегизинчи күн силер үчүн майрамдын акыркы күнү болсун, эч кандай жумуш кылбагыла.

36 Жыты Теңирге жаккан бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка кемчилиги жок бир букачар, бир кочкор, бир жылдык жети козу алып келгиле.

37 Алар менен кошо букачарлардын, кочкорлордун, козулардын санына жараша белгиленген нан курмандыгын, куюлуучу курмандыкты алып келгиле.

38 Дайыма чалынуучу бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктан, нан курмандыгы менен куюлуучу курмандыктан тышкары күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка бир теке алып келгиле.

39 Бул курмандыктарды убада боюнча же өз каалооңор боюнча алып келген бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктарыңардан, нан курмандыктарыңардан, куюлуучу курмандыктарыңардан жана тынчтык курмандыктарыңардан тышкары майрамдарыңарда Теңирге арнап алып келгиле».

**30-БӨЛҮМ**

**Убадалар жөнүндө мыйзам**

1 Теңир Мусага эмнени буйруса, ошонун баарын Муса Ысрайыл уулдарына айтып берди.

2 Ысрайыл уулдарынын уруу башчыларына Муса мындай деди: «Теңир мындай буйрук берди:

3 "Ким Теңирге убада берсе же өзүн өзү тыюуга сөз берип карганса, анда ал айткан сөздөрүн бузбасын, оозунан чыккандын бардыгын аткарсын.

4 Эгерде Теңирге аял убада берсе же жаш чагында, атасынын төрүндө жүргөндө өзүн өзү тыюуга сөз берсе,

5 атасы кызынын убадасын же өзүн өзү тыюуга сөз бергенин угуп, макул болсо, анда кызы бардык убадасын орундатсын, өзүн өзү тыюуга берген сөзүн аткарсын.

6 Эгерде атасы аны угуп, бирок тыйып койсо, анда кызы убадасын, өзүн өзү тыюуга берген сөзүн аткарбай эле койсун, Теңир кызды кечирет, анткени аны атасы тыйып койгон.

7 Эгерде ал кыз күйөөгө чыгып кетип, анын мойнунда өзүн байлаган убадасы же оозунан чыккан сөзү калса,

8 аны күйөөсү билип, макул болсо, анда аял убадасын орундатсын, өзүн өзү тыюуга берген сөзүн аткарсын.

9 Эгерде күйөөсү билип, ага тыюу салса, анда анын мойнундагы убадасын же өзүн байлаган оозунан чыккан сөзүн жокко чыгарган болот. Ошондо аялды Теңир кечирет.

10 Жесир аял же күйөөсү менен ажырашып кеткен аял кандай гана убада бербесин, өзүн өзү тыюуга кандай гана сөз бербесин, бардыгын аткарсын.

11 Эгерде аял күйөөсүнүн үйүндө убада берсе же өзүн өзү тыюуга сөз берсе,

12 аны күйөөсү угуп, макул болуп, тыюу салбаса, анда аял бардык убадасын орундатсын, өзүн өзү тыюуга берген сөздөрүнүн баарын аткарсын.

13 Эгерде күйөөсү угуп, аларды жокко чыгарса, анда аял оозунан чыккан бардык убадаларын жана өзүн өзү тыюуга берген сөздөрүн аткарбай эле койсо болот. Аны күйөөсү жокко чыгаргандыктан, Теңир аны кечирет.

14 Бардык убаданы жана өзүн өзү тыюуга берген бардык сөздү аялдын күйөөсү беките алат жана жокко чыгара алат.

15 Эгерде күйөөсү ал тууралуу уккандан кийин көп күн өтсө да унчукпай койсо, анда ошонусу менен аялынын убадасын жана анын мойнундагы өзүн өзү тыюуга берген сөзүн бекиткен болот, анткени ал тууралуу уккандан кийин да унчуккан жок.

16 Эгерде аларды уккандан кийин жокко чыгарса, анда ал аялынын күнөөсүн өз мойнуна алган болот"».

17 Күйөөсү менен аялынын ортосундагы, жаш чагында атасынын үйүндө жүргөн кыз менен атасынын ортосундагы мамиле тууралуу Теңирдин Мусага осуяттаган мыйзамы ушундай.

**31-БӨЛҮМ**

**Мидиандыктарды жазалоо**

1 Теңир Мусага мындай деди:

2 «Ысрайыл уулдары үчүн мидиандыктардан өч ал, ошондон кийин өз элиңе кошуласың».

3 Ошондо Муса элге кайрылып, мындай деди: «Мидиандыктардан Теңирдин өчүн алыш үчүн, мидиандыктарга каршы чыгууга өзүңөрдүн араңардан адамдарды куралдандырып, согушка камдагыла.

4 Ысрайыл урууларынын ар биринен миңден киши чыгарып, согушка жөнөткүлө».

5 Ошондо миңдеген Ысрайыл элинин ар бир уруусунан миңден – он эки миң куралдуу жоокер согушка бөлүндү.

6 Муса ар бир уруудан миңден алып, аларды согушка жөнөттү, алар менен кошо ыйык кызмат кылуучу Элазардын уулу Пинехасты да согушка жөнөттү. Анын колунда ыйык идиштер жана белги берүүчү сурнай бар эле.

7 Ошентип, Теңир Мусага буйругандай, алар мидиандыктарга каршы согуш ачып, алардын бардык эркек аттууларын кырып салышты.

8 Өлтүрүлгөндөр менен кошо Мидиандын беш падышасын: Эби, Рекем, Сур, Хур, Ребаны кошо өлтүрүштү, Бейордун уулу Биламды да кылыч менен өлтүрүштү.

9 Ал эми мидиандыктардын аялдары менен балдарын Ысрайыл уулдары туткундап алышты, алардын бодо малын, короо-короо койлорун, мүлкүн олжолоп алышты.

10 Алардын карамагындагы шаарларды, айыл-кыштактарды өрттөп жиберишти.

11 Тартып алгандарынын баарын: бүт олжону, малды, туткундап алган адамдарды алып кетишти.

12 Алар туткундарын, олжолорун, тартып алгандарын Жерихонун маңдайындагы Иордандын боюнда, Маап түздүгүндө жайгашкан Ысрайыл уулдарынын жамаатына жана Муса менен ыйык кызмат кылуучу Элазарга жеткиришти.

**Туткундардын тагдыры жана тазалануу**

13 Муса менен ыйык кызмат кылуучу Элазар, жамааттын бүт төрөлөрү алардын алдынан тосуп чыгышты.

14 Ошондо согуштан кайткан аскер башчыларына, миң башыларына, жүз башыларына Мусанын ачуусу келип, мындай деди:

15 «Аялдарын эмне үчүн тирүү калтырдыңар?

16 Биламдын кеңеши менен Пейоргo жагынып, Ысрайыл уулдарынын Теңирден баш тартуусуна себепкер болгондор ушулар. Ошон үчүн Теңирдин жамааты кыйраган.

17 Ошондуктан бардык эркек балдарын, эркек менен жаткан аялдарын өлтүргүлө.

18 Ал эми эркек көрө элек кыздарын өзүңөр үчүн тирүү калтыргыла.

19 Ошондон кийин жети күн стандын сыртында туруп тургула. Киши өлтүргөн же өлүккө тийген адамдарыңардын баары, туткундарыңар да үчүнчү жана жетинчи күнү тазалангыла.

20 Бүт кийимиңерди, бүт булгаары буюмдарыңарды, эчкинин жүнүнөн жасалган бүт нерселериңерди, бүт жыгач идиштериңерди тазалап чыккыла».

21 Ыйык кызмат кылуучу Элазар согушка барып келген жоокерлерге мындай деди: «Теңирдин Мусага осуяттаган мыйзамы мындай:

22 “Алтынды, күмүштү, жезди, темирди, калайды жана коргошунду,

23 отко салына тургандардын бардыгын тазалаш үчүн отко салгыла, андан кийин тазартуучу сууга салгыла, ошондо таза болот, ал эми отко салынбай тургандардын бардыгын сууга салгыла.

24 Кийимиңерди болсо жетинчи күнү жуугула, ошондо таза болосуңар, ошондон кийин гана станга кирсеңер болот”».

**Олжону бөлүштүрүү**

25 Теңир Мусага мындай деди:

26 «Ыйык кызмат кылуучу Элазар жана жамааттын уруу башчылары менен олжого түшкөн адамдарды, малды санап чык.

27 Анан олжону согушка барып келген жоокерлерге жана бүт жамаатка тең бөлүп бер.

28 Согушка барып келген ар бир жоокерден Теңир үчүн алым ал, адамдардан да, бодо малдан да, эшектерден да, майда малдан да ал: беш жүз баштан бир баш ал.

29 Аларга тийген олжонун жарымынан алым ал. Муну өйдө көтөрүп Теңирге алып келген курмандык катары ыйык кызмат кылуучу Элазарга бер.

30 Ысрайыл уулдарына тийген олжонун жарымынан Теңирдин жыйын чатырында кызмат кылган лебилерге бер. Адамдардан да, бодо малдан да, эшектерден да, майда малдан да ал: элүү баштан бир баш ал».

31 Муса менен ыйык кызмат кылуучу Элазар Теңирдин Мусага айтканындай кылышты.

32 Согушка барып келген жоокерлер тартып алган олжонун саны: алты жүз жетимиш беш миң майда мал,

33 жетимиш эки миң бодо мал,

34 алтымыш бир миң эшек,

35 отуз эки миң эркек көрө элек кыз.

36 Согушка катышкандардын жарым үлүшүн эсептегенде, үч жүз отуз жети миң беш жүз майда мал болду.

37 Теңир үчүн алынган алымдын саны алты жүз жетимиш беш майда мал болду.

38 Бодо малдын саны – отуз алты миң, анын жетимиш экиси – Теңир үчүн алынган алым.

39 Эшектин саны – отуз миң беш жүз, анын алтымыш бири – Теңир үчүн алынган алым.

40 Адамдардын саны – он алты миң, анын отуз экиси – Теңир үчүн алынган алым.

41 Муса Теңир үчүн алынган алымды, Теңир буйругандай, ыйык кызмат кылуучу Элазарга тапшырды.

42 Муса согушка катышкандар алып келген олжонун жарымын Ысрайыл уулдарына бөлүп берди.

43 Жамааттын энчисине тийген олжонун жарымы мынча: үч жүз отуз жети миң беш жүз майда мал,

44 отуз алты миң бодо мал,

45 отуз миң беш жүз эшек,

46 он алты миң адам.

47 Ысрайыл уулдарына тийген жарым олжонун: адамдардын, малдын элүүдөн бир бөлүгүн Муса алып, Теңир буйругандай, Теңирдин жыйын чатырында кызмат кылган лебилерге берди.

48 Мусага миңдеген жоокерлердин аскер башчылары, миң башылары, жүз башылары келип, мындай дешти:

49 «Кулдарың өздөрүнө тапшырылган жоокерлерди санап чыгышты, алардын бири да кемибептир.

50 Мына, Теңирдин алдында тазаланышыбыз үчүн, ар кимибиз өзүбүз тапкан алтындан жасалган буюмдарды: моюнга тагылчу чынжырларды, билериктерди, шакектерди, сөйкөлөрдү, чачпактарды Теңирге арнап алып келдик».

51 Муса менен ыйык кызмат кылуучу Элазар алтындан жасалган ушул буюмдарды алардан алышты.

52 Миң башылар менен жүз башылардын Теңирге арнап алып келген алтын буюмдарынын салмагы он алты миң жети жүз элүү шекел болду.

53 Жоокерлердин ар бири өзү үчүн талап-тоногон.

54 Ошентип, Муса менен ыйык кызмат кылуучу Элазар миң башылар менен жүз башылардан алтындарды алып, Теңир Ысрайыл уулдарын эсине алышы үчүн, жыйын чатырына алып келишти.

## 32-БӨЛҮМ

### Эки жарым урууну Иордандын аркы өйүзүнө жайгаштыруу

1 Рубейиндин уулдары менен Гаттын уулдарынын малы өтө көп эле. Алар Жазер жеринде да, Гилат жеринде да малга ылайыктуу жерлер бар экенин көрүштү.

2 Анан Гаттын уулдары менен Рубейиндин уулдары Муса менен ыйык кызмат кылуучу Элазарга жана жамааттын төрөлөрүнө келип, мындай деп айтышты:

3 «Атарот, Дибон, Жазер, Нимра, Кешпон, Элалей, Сыбам, Небо жана Быйон жерлерин

4 Теңир Ысрайыл жамаатынын алдында кыйратып салган. Бул жерлер – малдын жайытына ылайыктуу жерлер. Кулдарыңдын болсо малы көп.

5 Эгерде биз сенин алдыңда ырайым тапкан болсок, бул жерлерди өз кулдарыңдын карамагына бер. Бизди Иордан суусунан ары өткөрбө».

6 Ошондо Муса Гаттын уулдары менен Рубейиндин уулдарына мындай деди: «Бир туугандарыңар согушка бара жатышса, силер бул жерде каласыңарбы?

7 Эмне үчүн силер Ысрайыл уулдарын Теңир берип жаткан жерге өткөрбөй айнытып жатасыңар?

8 Мен силердин ата-бабаларыңарды жерди көрүп келиш үчүн Кадеш-Барнейиден жөнөткөндө, алар да ушундай кылышкан.

9 Алар Эшкол өрөөнүнө чейин барып, ошол жерди көрүп келишкенден кийин, Теңир берип жаткан жерге Ысрайыл уулдары барбашы үчүн, аларды айнытышкан.

10 Ошол күнү Теңирдин каары кайнап, мындай деп ант берген:

11 "Мисирден чыккан бул элдин жыйырма жана андан жогорку жаштагылары Мен Ыбрайымга, Ыскакка, Жакыпка берем деп убада кылган жерди көрүшпөйт, себеби алар Мага баш ийбей коюшту.

12 Ал жерди Кеназдык Жепундун уулу Калеп менен Нундун уулу Жашыя гана көрөт, анткени булар Теңирге баш ийишкен".

13 Ысрайылга Теңирдин каары кайнап, аларды чөлдө кырк жыл алып жүрдү. Алар Теңирдин алдында күнөө кылган бүт урууcу өлүп жок болгуча тентишти.

14 Мына азыр да, силер, күнөөкөрлөрдүн тукуму, ата-бабаңарга окшоп көтөрүлүп чыгып, Ысрайылга Теңирдин каарын дагы кайнаттыңар.

15 Эгерде силер Теңирден баш тартсаңар, анда Ал элди дагы чөлгө калтырат, силер бул элди ушинтип курутасыңар».

16 Ошондо алар Мусага келип, мындай дешти: «Биз бул жерге малыбызга короо-сарайларды салабыз, балдарыбызга шаар курабыз.

17 Өзүбүз болсо биринчи болуп куралданып алып, Ысрайыл уулдарын өз жерине жеткирмейинче, алардын алдында барабыз. Ал жердин тургундары балдарыбызга коркунуч туудурбашы үчүн, аларды чептүү шаарларда калтырабыз.

18 Ысрайыл уулдарынын ар бири өз үлүшүн алмайынча, биз үйүбүзгө кайтып келбейбиз.

19 Эгерде бизге Иордандын берки өйүзүнөн, чыгыш тараптан үлүш тийсе, анда биз Иордандын аркы өйүзүнөн жана андан аркы жерлерден алар менен бирге үлүш албайбыз».

20 Ошондо Муса аларга мындай деди: «Эгерде силер мындай кылсаңар, эгерде Теңирдин алдында куралданып чыксаңар,

21 силердин куралданган ар бир жоокериңер, Теңир Өзүнүн алдындагы душмандарын жок кылып бүтмөйүнчө, Теңирдин алдында Иордандын аркы өйүзүнө өтсө,

22 Теңирдин алдында жер багынып берсе, ошондон кийин кайрылып келсеңер, анда Теңирдин жана Ысрайыл элинин алдында күнөөлүү болбойсуңар, ошондо бул жер Теңирдин алдында силердин энчиңер болот.

23 Эгерде мындай кылбасаңар, анда Теңирдин алдында күнөөгө баткан болосуңар, бул күнөөңөр үчүн жазаланасыңар.

24 Балдарыңарга шаар, койлоруңарга короо-жай кургула, оозуңардан эмне чыкса, ошону жасагыла».

25 Ошондо Гаттын уулдары менен Рубейиндин уулдары Мусага мындай дешти: «Мырзабыз кандай буйруса, кулдарың ошондой кылышат.

26 Балдарыбыз, аялдарыбыз, бардык малыбыз ушул жерде, Гилат шаарларында калат.

27 Кулдарың болсо, мырзабыз айткандай, жоокерлердей куралданып, Теңирдин алдында согушка барат».

28 Ошондо Муса алар тууралуу ыйык кызмат кылуучу Элазарга, Нундун уулу Жашыяга жана Ысрайыл уулдарынын уруу башчыларына мындай деп буйрук берди:

29 «Гаттын уулдары менен Рубейиндин уулдарынын бардыгы куралданып, Теңирдин алдында силер менен бирге Иордандын аркы өйүзүнө өтсө, силердин алдыңарда жер багынып берсе, анда Гилат жерин алардын карамагына бергиле.

30 Эгерде алар силер менен бирге куралданып барышпаса, анда силер менен бирге Канаан жеринен үлүш алышат».

31 Ошондо Гаттын уулдары менен Рубейиндин уулдары мындай деп жооп беришти: «Теңир сенин кулдарыңа кандай айтса, так ошондой кылабыз.

32 Биз Теңирдин алдында куралданып, Канаан жерине барабыз, биздин үлүшүбүз Иордандын бул өйүзү болсун».

33 Муса Гаттын уулдары менен Рубейиндин уулдарына, Жусуптун уулу Менашенин жарым урyусуна Амор падышасы Сихон падышачылык кылып турган жерлерди, Башан падышасы Ог падышачылык кылып турган жерлерди шаарлары менен, чет жакаларындагы айыл-кыштактары менен берди.

34 Гаттын уулдары Дибон, Атарот, Аройер,

35 Атрот-Шопан, Жазер, Жокпея,

36 Бейт-Нимра, Бейт-Аран деген бекем коргондуу шаарларды, койлорго короо-сарайларды курушту.

37 Рубейиндин уулдары Кешпон, Элалей, Кирийатайим деген шаарларды курушту.

38 Аттары өзгөртүлгөн Небо менен Баал-Мейонду, ошондой эле Сыбманы курушту. Алар өздөрү курган шаарларга ат коюшту.

39 Менашенин уулу Махирдин уулдары Гилатка барып, аны басып алып, ал жерде жашаган аморлуктарды кууп чыгышты.

40 Муса Менашенин уулу Махирге Гилатты берди, ал ошол шаарга отурукташты.

41 Менашенин уулу Жайыр барып, айыл-кыштактарын басып алып, аларды Жайырдын айыл-кыштактары деп атады.

42 Нобах да барып, Кенатты жана ага караштуу шаарларды басып алып, аларды өз атынан Нобах деп атады.

**33-БӨЛҮМ**

**Мисирден Иорданга чейин жол жүрүү жөнүндө кыскача кайталоо**

1 Муса менен Арундун башчылыгы астында Мисир жеринен стандары менен чыккан Ысрайыл уулдары мындай жол жүрүштү:

2 Муса Теңирдин буйругу боюнча алардын стандары менен жол жүргөнүн жазып чыкты. Алар басып өткөн жерлер булар:

3 Алар биринчи айдын он бешинчи күнү Раамсестен чыгышкан. Ысрайыл уулдары Пасахтын эртеси бүткүл Мисир элинин көз алдында күчтүү колдун астында чыгышты.

4 Ошол убакта мисирликтер Теңир өлтүргөн бардык тун уулдарын көмүп жатышкан. Теңир алардын кудайларына өкүм чыгарды.

5 Ошентип, Ысрайыл уулдары Раамсестен чыгып, Сукотко жайгашышты.

6 Сукоттон чыгып, Эйтамга жайгашышты, ал чөлдүн четиндеги жер эле.

7 Эйтамдан чыгып, Баал-Сыпондун жанындагы Пи-Ахиротко жөнөп, Мигдолдун жанына жайгашышты.

8 Пи-Акироттон чыгып, деңиздин ортосу менен чөлгө өтүштү. Эйтам чөлүндө үч күн бою жол жүрүштү, анан Марага жайгашышты.

9 Марадан чыгып, Эйлимге келишти. Эйлимде болсо он эки булак, жетимиш курма дарагы бар эле, алар ошол жерге жайгашышты.

10 Эйлимден чыгып, Кызыл деңиздин жанына жайгашышты.

11 Кызыл деңизден чыгып, Син чөлүнө жайгашышты.

12 Син чөлүнөн чыгып, Допкага жайгашышты.

13 Допкадан чыгып, Алушка жайгашышты.

14 Алуштан чыгып, Репидимге жайгашышты, бирок ал жерде эл ичкенге суу жок эле.

15 Репидимден чыгып, Синай чөлүнө жайгашышты.

16 Синай чөлүнөн чыгып, Киброт-Атаапка жайгашышты.

17 Киброт-Атааптан чыгып, Хатсейротко жайгашышты.

18 Хатсейроттон чыгып, Ритмага жайгашышты.

19 Ритмадан чыгып, Римон-Переске жайгашышты.

20 Римон-Перестен чыгып, Либнага жайгашышты.

21 Либнадан чыгып, Рисага жайгашышты.

22 Рисадан чыгып, Кейлатка жайгашышты.

23 Кейлаттан чыгып, Шепер тоосуна жайгашышты.

24 Шепер тоосунан чыгып, Харатка жайгашышты.

25 Хараттан чыгып, Макейлотко жайгашышты.

26 Макейлоттон чыгып, Тахатка жайгашышты.

27 Тахаттан чыгып, Тарахка жайгашышты.

28 Тарахтан чыгып, Миткага жайгашышты.

29 Миткадан чыгып, Хашмонго жайгашышты.

30 Хашмондон чыгып, Мосейротко жайгашышты.

31 Мосейроттон чыгып, Беней-Жааканга жайгашышты.

32 Беней-Жаакандан чыгып, Хор-Агидгатка жайгашышты.

33 Хор-Агидгаттан чыгып, Жотпатка жайгашышты.

34 Жотпаттан чыгып, Абронго жайгашышты.

35 Аброндон чыгып, Этсион-Геберге жайгашышты.

36 Этсион-Геберден чыгып, Син чөлүнүн Кадеш деген жерине жайгашышты.

37 Кадештен чыгып, Эдом менен чектешкен Ор тоосуна жайгашышты.

38 Ошондо ыйык кызмат кылуучу Арун Теңирдин буйругу боюнча Ор тоосуна чыгып, Ысрайыл уулдарынын Мисир жеринен чыкканына кырк жыл болгондо, бешинчи айдын биринчи күнү көз жумду.

39 Арун жүз жыйырма үч жашка чыгып, Ор тоосунда көз жумду.

40 Канаан жеринин түштүгүндө жашаган Канаан падышасы Аратта Ысрайыл уулдарынын келе жатканын укту.

41 Алар Ор тоосунан чыгып, Салмонго жайгашышты.

42 Салмондон чыгып, Пунонго жайгашышты.

43 Пунондон чыгып, Оботко жайгашышты.

44 Оботтон чыгып, Маап менен чектешкен жердеги Жей-Абаримге жайгашышты.

45 Ийимден (Жей-Абаримден) чыгып, Дибон-Гатка жайгашышты.

46 Дибон-Гаттан чыгып, Алман-Дыблатайымга жайгашышты.

47 Алман-Дыблатайымдан чыгып, Ныбонун жанындагы Абарым тоолоруна жайгашышты.

48 Абарым тоолорунан чыгып, Жерихонун маңдайындагы Иордандын боюна, Маап түздүгүнө жайгашышты.

49 Алар Иордандын жанындагы Бейт-Айешимоттон Абел-Шитимге чейин созулуп жаткан Маап түздүгүнө жайгашышты.

**Иордан суусунан өтөрдүн алдында берилген көрсөтмө**

50 Теңир Мусага Жерихонун маңдайындагы Иордандын боюнда, Маап түздүгүндө мындай деди:

51 «Ысрайыл уулдарына мындай деп айт: "Канаан жерине Иордан суусу аркылуу өткөнүңөрдө,

52 ал жерде жашагандардын бардыгын кууп чыгып, жасалма кудайларынын сүрөттөрүн, куюлган жасалма кудайларын, бутканаларын талкалагыла.

53 Ошол жерди ээлеп, ошол жерге отурукташкыла, анткени ошол жерди Мен силерге мураска бердим.

54 Жерди урууларыңарга өкчөмө таш ыргытып бөлүштүргүлө. Саны көп урууларга көбүрөөк үлүш, саны аз урууларга азыраак үлүш бергиле. Өкчөмө таш боюнча кимге кандай жер тийсе, ал ошол жерди алсын. Ар ким өз уруусу менен үлүш алсын.

55 Эгерде силер ал жерде жашагандарды кууп чыкпасаңар, анда алардан калып калгандар көзүңөргө кирген, капталыңарга сайылган тикенек болот, силер жашай турган жерде силерди кысымга ала баштайт.

56 Мына ошондо Мен аларга кылайын дегенимди силерге кылам"».

**34-БӨЛҮМ**

**Убадаланган жердин чек аралары**

1 Теңир Мусага мындай деди:

2 «Ысрайыл уулдарына мындай деп буйрук бер: "Канаан жерине киргениңерде, силердин энчиңерге тие турган Канаан жери жана анын чек аралары бул:

3 силердин түштүк чек араңар Эдомдун жанындагы Син чөлү болот, түштүк чек араңар чыгыш тараптагы Туздуу деңиздин аягынан башталат.

4 Чек араңар түштүк тараптагы Акрабым дөңсөөсүнө бурулуп, Син чөлүнөн өтөт, анан Кадеш-Барнейинин түштүгүнө келип такалат, андан Гатсар-Адарга жетип, Асмон аркылуу өтөт.

5 Чек ара Асмондон Мисир суусуна бурулуп, деңизге барып такалат.

6 Ал эми батыштагы чек араңар улуу деңиз болот. Бул силердин батыш тарабыңардагы чек араңар.

7 Түндүк тарабыңардагы чек араңар улуу деңизден Ор тоосуна чейин созулат.

8 Ор тоосунан Хаматка жетет да, андан ары Седатка барып такалат.

9 Андан ары Зиброндон Хатсар-Эйнанга чейин кетет. Бул силердин түндүк чек араңар.

10 Чыгыш чек араңар Хатсар-Эйнандан Шепамга чейин болсун.

11 Шепамдан чек ара Айындын чыгыш тарабы менен Риблага жетет, анан Кинерет деңизинин чыгыш жээктерине тийип өтөт.

12 Чек ара Иорданга жетип, Туздуу деңизге такалат. Бул силердин бардык тарабынан чек ара менен чектелген жериңер болот"».

13 Анан Муса Ысрайыл уулдарына мындай деп буйрук берди: «Мынакей, өкчөмө таш ыргытып бөлүп алчу жериңер ушул, ушул жерди Теңир тогуз урууңарга жана жарым урууңарга берүүгө буйруду.

14 Анткени Рубейин уулдарынын уруулары, Гат уулдарынын уруулары жана Менаше уулдарынын жарым уруусу өз энчилерине тийген үлүштөрүн алышкан.

15 Иордандын аркы өйүзүндөгү, чыгыш жактагы, Жерихонун маңдайындагы жерди ушул эки уруу менен жарым уруу бөлүп алышкан».

**Жер бөлүп берүүгө жоопкерчиликтүү адамдарды дайындоо**

16 Теңир Мусага мындай деди:

17 «Силерге жер бөлүп бере турган адамдар булар: ыйык кызмат кылуучу Элазар жана Нундун уулу Жашыя.

18 Жер бөлүштүргөнгө ар бир уруудан бирден төрө алгыла.

19 Ал төрөлөр булар: Жүйүт уруусунан Жепундун уулу Калеп,

20 Шымон уруусунан Амийуттун уулу Шемуел,

21 Бенжемин уруусунан Кислондун уулу Элидат,

22 Дан уруусунан мырза Жогланын уулу Буки төрө,

23 Жусуптун уулдарынан Менашенин уруусунан Эйпоттун уулу Ханиел төрө,

24 Эпрайым уруусунан Шиптандын уулу Кемуел төрө,

25 Забулун уруусунан Парнактын уулу Элитсапан төрө,

26 Исахар уруусунан Азандын уулу Палтиел төрө,

27 Ашыр уруусунан Шеломинин уулу Акийут төрө,

28 Напталы уруусунан Амийуттун уулу Педаел төрө».

29 Теңирдин буйругу боюнча Ысрайыл уулдарынын энчисине Канаан жерин бөлүштүрө тургандар ушулар.

**35-БӨЛҮМ**

**Лебилерге арналган шаарлар жөнүндө**

1 Теңир Мусага Жерихонун каршысындагы Иордандын боюнда, Маап түздүгүндө мындай деди:

2 «Ысрайыл уулдарына буйрук бер, алар өздөрүнүн үлүштөрүнөн лебилерге жашай турган шаарларды беришсин. Шаарлардын тегерегиндеги жерлерди да лебилерге бергиле.

3 Шаарлар алар үчүн жашай турган жай болот, талаалар болсо алардын малы үчүн жайыт, мал-мүлкү үчүн короо-жай, күндөлүк керектөөлөрү үчүн жер болот.

4 Лебилерге бере турган шаарлардын тегерегиндеги талаалар шаардын дубалдарынан эки миң чыканак ары болушу керек.

5 Шаардын сыртынан чыгышты карай эки миң чыканак, түштүккө карай эки миң чыканак, батышка карай эки миң чыканак, түндүккө карай эки миң чыканак ченегиле, ортосунда шаар турат: алардын шаардын сыртындагы талаалары ушундай болот.

6 Лебилерге бере турган шаарларыңардын ичинен алты шаарды баш калкалоо үчүн бергиле. Ал шаарларга киши өлтүргөн адам качып барат. Мындан тышкары кырк эки шаар бергиле.

7 Лебилерге талаалары менен кырк сегиз шаар бергиле.

8 Ысрайыл уулдарынын үлүштөрүнөн шаарларды бере баштаганыңарда, саны көп уруудан көбүрөөк үлүш, саны аз уруудан азыраак үлүш бергиле. Ар бир уруу алган үлүшүнө жараша өз шаарларынан лебилерге берүүгө тийиш».

**Баш калкалай турган шаарлар**

9 Теңир Мусага дагы мындай деди:

10 «Ысрайыл уулдарына мындай деп айт: "Силер Иордан аркылуу Канаан жерине өткөнүңөрдө,

11 өзүңөргө баш калкалай турган шаарларды тандап алгыла. Ал шаарга кокусунан киши өлтүрүп алган адам качып кете алгыдай болсун.

12 Силердин ушул шаарларыңар киши өлтүргөн адам жамааттын алдына сотко келгенге чейин өч алуучунун колунан өлүп калбаш үчүн баш калкалай турган шаарлар болот.

13 Баш калкалоо үчүн алты шаар бергиле.

14 Үч шаарды Иордан суусунун берки өйүзүнөн, үч шаарды Канаан жеринен бергиле. Ал шаарлар баш калкалай турган шаарлар болсун.

15 Ысрайыл уулдары үчүн да, келгиндер үчүн да, силердин араңарга жер которуп келгендер үчүн да ушул алты шаар баш калкалай турган шаар болот, кокусунан киши өлтүрүп алган адам ошол шаарларга качып кетсин.

16 Ким кимдир бирөөнү темир курал менен уруп өлтүрсө, анда ал киши өлтүргөн адам болуп эсептелет. Киши өлтүргөн адам өлүм жазасына тартылсын.

17 Ким кимдир бирөөнү таш менен уруп өлтүрсө, анда ал да киши өлтүргөн адам болуп эсептелет. Киши өлтүргөн адам өлүм жазасына тартылсын.

18 Же жыгач курал менен уруп өлтүрсө, ал да киши өлтүргөн адам болуп эсептелет. Киши өлтүргөн адам өлүм жазасына тартылсын.

19 Кан кууган адам киши өлтүргөн адамды өлтүрүп салса болот. Аны жолуктурары менен эле өлтүрүп салса болот.

20 Ким кимдир бирөөнү жек көрүп түртүп жиберип же ага атайы эле бирдеме ыргытып өлтүрсө,

21 же болбосо кастык кылып кол менен уруп өлтүрсө, анда урган адам өлүм жазасына тартылсын, анткени ал – киши өлтүргөн адам. Кан кууган адам киши өлтүргөн адамды жолуктурары менен эле өлтүрүп салса болот.

22 Эгерде ал аны кастыгы жок эле түртүп алып, же ага эч бир арам ою жок эле бирдеме ыргытып жиберип,

23 же ага тийсе өлтүрө турган ташты көрбөй ыргытып жиберип кокусунан өлтүрүп алса, бирок ал анын душманы болбосо, ага жамандык каалабаган болсо,

24 анда жамаат киши өлтүргөн адам менен кан кууган адамдын ортосундагы ишти бул мыйзам боюнча карап чыксын:

25 Жамаат кокустан киши өлтүрүп алган адамды кан кууган адамдан куткарып алып, аны баш калкалай турган шаарга кайра жөнөтүшү керек. Ал адам майлоочу май менен майланган башкы ыйык кызмат кылуучу өлгөнгө чейин, ошол жерде жашап турсун.

26 Эгерде киши өлтүргөн адам качып барып баш калкалап турган шаардын сыртына чыкса,

27 кан кууган адам аны баш калкалай турган шаардын сыртынан кармап алып, кан үчүн өлтүрүп салса, анда ал кан төккөндүгү үчүн күнөөлүү болбойт.

28 Анткени ал башкы ыйык кызмат кылуучу өлгөнгө чейин, баш калкалай турган шаарда жашап турушу керек эле. Киши өлтүргөн адам өзүнүн жерине башкы ыйык кызмат кылуучу өлгөндөн кийин кайтышы керек болчу.

29 Бул силерге, силердин укум-тукумуңарга силер жашаган бардык жерлерде түбөлүккө калган көрсөтмө болсун.

30 Ким киши өлтүрсө, анда киши өлтүргөн адамды күбөлөрдүн сөздөрү боюнча өлтүрүш керек, бирок өлүмгө өкүм кылыш үчүн, бир күбө жетишсиз.

31 Киши өлтүрүп, өлүм жазасына өкүм кылынган киши үчүн кун албагыла, ал өлүм жазасына тартылсын.

32 Баш калкалай турган шаарга качып кеткен кишиден өз жерине кайра кетиши үчүн кун төлөтүп албагыла. Башкы ыйык кызмат кылуучу өлгөнгө чейин, ал ошол жерде жашап турсун.

33 Өзүңөр жашаган жерди булгабагыла, анткени жерди кан булгайт, кан төккөн кишинин каны төгүлмөйүнчө, жер төгүлгөн кандан тазаланбайт.

34 Өзүңөр жашап жаткан жерди булгабашыңар керек, анткени Мен силердин араңарда жашап жатам. Ысрайыл уулдарынын арасында жашап жаткан Теңир Менмин”».

**36-БӨЛҮМ**

**Салапаттын кыздарынын үлүшү жөнүндө**

1 Гилаттын уулдарынан тараган уруулардын башчылары (Гилат Махирдин, Махир Менашенин уулу. Бул уруу – Жусуптун уулдарынан тараган уруулардын бири.) Мусанын жана Ысрайыл уулдарынын уруу башчылары болгон төрөлөрдүн алдына келип, мындай дешти:

2 «Теңир Ысрайыл уулдарына өкчөмө таш ыргытып жер бөлүштүрүп берүүнү биздин мырзабызга буйруган. Теңир биздин бир тууганыбыз Салапаттын үлүшүн анын кыздарына берүүнү да биздин мырзабызга буйрук кылган.

3 Эгерде алар Ысрайыл уулдарынын башка урууcундагы уулдарынын аялдары болуп калса, анда алардын үлүшү биздин ата-бабалардын үлүшүнөн алынып, алар келин болуп барган урууга кошулуп берилет, өкчөмө таш боюнча алган үлүшүбүз да аларга берилет.

4 Атүгүл, Ысрайыл уулдары юбилей жылын өткөргөндө да, алардын үлүшү алар келин болуп барган урууга кошулуп, ата-бабаларыбыздын урууларынын үлүшүнөн алардын үлүшү бөлүнүп алынат».

5 Ошондо Муса Ысрайыл уулдарына Теңирдин сөзү боюнча мындай деп буйрук берди: «Жусуптун уулдарынан тараган уруулар туура айтып жатышат.

6 Теңир Салапаттын кыздары жөнүндө мындай осуят кылат: Алар өздөрүнө жаккан адамга күйөөгө чыгышсын. Бирок алар өз атасынын урууcундагыларга гана чыгышсын.

7 Анткени Ысрайыл уулдарынын үлүшү уруудан урууга өтпөшү керек. Ысрайылдын ар бир урууcу өз ата-бабасынын урууларынын үлүшүнө гана байланууболушу керек.

8 Ысрайыл уулдарынын урууларынын үлүштөрүн мурастай турган кыз өз атасынын урууcундагы адамга турмушка чыксын, анткени Ысрайыл уулдары өз ата-бабаларынын үлүштөрүн мурастап калышы керек.

9 Үлүш бир уруудан экинчи урууга өтпөсүн, анткени Ысрайыл уулдарынын ар бир урууcу өз үлүштөрүнө байланууболушу керек».

10 Теңир Мусага кандай буйруган болсо, Салапаттын кыздары так ошондой кылышты.

11 Салапаттын кыздары Махла, Тирса, Хогла, Милка жана Ноя атасынын бир туугандарынын уулдарына күйөөгө чыгышты.

12 Алар Жусуптун уулу Менашеден тараган уруунун уулдарына турмушка чыгышты. Ошентип, алардын үлүшү аталарынын урууcунда калды.

13 Теңир Муса аркылуу Ысрайыл уулдарына Жерихонун каршысындагы Иордан боюндагы Маап түздүгүндө берген осуяттары менен көрсөтмөлөрү ушулар.

**Мусанын бешинчи китеби МЫЙЗАМДЫ КАЙТАЛОО**

**1-БӨЛҮМ**

**Мусанын сөзү**

1 Иордандын аркы өйүзүндөгү Паран менен Топелдин, Лабан менен Хатсейроттун жана Ди-Забамдын аралыгында жайгашкан Суфтун каршысындагы түзөң чөлдө Мусанын Ысрайыл элине айткан сөздөрү.

2 Хорептен Сеир тоосу аркылуу Кадеш-Барнейиге чейин он бир күндүк жол.

3 Ысрайыл элинин Мисирден чыкканына кырк жыл болгондо, он биринчи айдын биринчи күнү Теңир эмнени буйруса, ошонун бардыгын Муса Ысрайыл уулдарына айтты.

4 Муса бул мыйзамды Кешпондо жашаган Амор падышасы Сихонду жана Эдрейдеги Аштаротто жашаган Башан падышасы Огду өлтүргөндөн кийин,

5 Иордандын аркы өйүзүндө, Маап жеринде мындай деп түшүндүрө баштады:

6 «Кудай-Теңирибиз Хорепте бизге мындай деп айткан эле: "Бул тоодо жетишерлик жашадыңар.

7 Жолго чыккыла, аморлуктар жашаган тоого, аларга коңшулаш жаткан түздүккө, тоолорго, ойдуң жерлерге, түштүк аймагына, деңиз жээгине, Канаан жерине, Лебанонго, атүгүл, улуу Эфрат дарыясына чейин баргыла.

8 Мен силердин ата-бабаларыңар Ыбрайымга, Ыскакка, Жакыпка жана алардын укум-тукумуна берем деп убада кылган жерди силерге бердим. Барып, ал жерди мураска алгыла".

9 Мен силерге ошол учурда: "Мен силерди өзүм жалгыз алып бара албайм.

10 Кудай-Теңириңер силерди көбөйттү. Силер азыр асмандагы жылдыздардай көбөйдүңөр.

11 Ата-бабаларыңардын Кудай-Теңири силерди азыркыдан миң эсе көбөйтсүн. Ал Өзү айткандай, силерге батасын берсин.

12 Силердин кыйынчылыктарыңарды, түйшүктөрүңөрдү, чыр-чатактарыңарды өзүм жалгыз кантип көтөрөм?

13 Ар бир уруудан акылдуу, эстүү, сындан өткөн адамдарды тандап алгыла, мен аларды силерге эл башчы кылып коёюн", – дегем.

14 Ошондо силер мага: "Жакшы нерсени айтып жатасың", – дегенсиңер.

15 Мен силердин ар бир урууңардан акылдуу, сындан өткөн, белгилүү адамдарды алып, урууларыңарга миң башы, жүз башы, элүү башы, он башы, көзөмөлчү кылып койгом.

16 Мен ошондо силердин башкаруучуларыңарга мындай буйрук бергем: "Бир туугандарыңардын талаш-тартыштарын угуп, бир тууганыңар менен бир тууганыңардын ортосунда, бир тууганыңар менен келгиндин ортосунда адилет сот жүргүзгүлө.

17 Сот ишинде бет карамалык кылбагыла, чоң-кичине дебей, бирдей уга билгиле. Эч кимден коркпогула, анткени сот жүргүзүү – Кудайдын иши. Силер үчүн оор болгон ишти мага айткыла, аны мен угайын".

18 Мен ошондо силерге аткарышыңар керек болгон бардык ишиңер жөнүндө буйрук бергем.

19 Ошентип, биз Кудай-Теңирибиз буйругандай, Хорептен чыгып, аморлуктардын тоосун көздөй, силер көргөн ушул эбегейсиз чоң, коркунучтуу чөлдү басып, Кадеш-Барнейиге келдик.

20 Ошондо мен силерге мындай дегем: "Силер Кудай-Теңирибиз берип жаткан аморлуктардын тоосуна келдиңер.

21 Кудай-Теңириң бул жерди сага берди, ата-бабаларыңардын Кудай-Теңири айткандай, бар да, ал жерди ээлеп ал. Коркпо да үрөйүңдү учурба".

22 Бирок баарыңар мага келип: "Ал жерди байкап келе турган, биз жүрө турган жолдорду, биз бара турган шаарларды көрүп, алар тууралуу маалымат алып келе турган адамдарды өзүбүздөн мурда жөнөтөлү", – дегенсиңер.

23 Бул сөз мага жагып, ар бир уруудан бирден адам – он эки адам тандагам.

24 Алар жөнөп кетишти. Тоого чыгып, Эшкол өрөөнүнө барып, ал жерди карап чыгышты.

25 Ал жердин түшүмүнөн бизге алып келишти. Маалымат беришти да: "Кудай-Теңирибиз бизге берип жаткан жер жакшы жер экен", – деп айтышты.

26 Бирок силер баргыңар келбей, Кудай-Теңириңердин буйругуна каршы болдуңар.

27 Чатырларыңарда отуруп алып, минтип наалыдыңар: "Теңир бизди жек көргөндүктөн, аморлуктардын колуна салып берип, кырып салуу үчүн, Мисир жеринен алып чыгыптыр.

28 Эми биз кайда барабыз? Бир туугандарыбыз жүрөктү түшүрүп: «Ал эл бизден көп да, чоң да экен. Алардын шаарлары чоң, бийик дубалдар менен курчалган экен. Биз ал жерден Анактын алп уулдарын да көрдүк», – дешти".

29 Ошондо мен силерге мындай дегем: "Жүрөгүңөр түшпөсүн, алардан коркпогула.

30 Кудай-Теңириңер силердин алдыңарда бара жатат. Анын Мисир жеринде силер үчүн кандай күрөшкөнүн көрдүңөр, эми да так ошондой күрөшөт.

31 Сен чөлдөн бул жерге жеткенге чейин, жолду катар Кудай-Теңириң сени атасы баласын көтөргөндөй көтөрүп келгенин көрдүң".

32 Бирок силер ошондо да Кудай-Теңириңерге ишенген жоксуңар.

33 Ал силерге токтогонго жай таап, түн ичинде от болуп, күндүз булут болуп жол көрсөтүп, силердин алдыңарда жүрдү.

34 Теңир силердин сөздөрүңөрдү укканда, каарданып, мындай деп ант берген:

35 "Мен силердин ата-бабаларыңарга берем деп убада кылган жер соорусун бул элдин ичинен, бул ниети жаман тукумдун ичинен эч ким көрбөйт.

36 Аны Жепундун уулу Калеп гана көрөт. Теңирге баш ийгендиги үчүн, басып өткөн жерин ага жана балдарына берем".

37 Силердин айыңардан Теңир мага да каарданып, мындай деди: “Ал жерге сен да кирбейсиң.

38 Ал жерге сенин жаныңдагы Нундун уулу Жашыя кирет. Аны дайында, анткени ал Ысрайылды ошол жерди ээлеткени алып барат.

39 Ал жерге душманга олжо болуп калат деген балдарыңар, жаман-жакшыны ажырата билбеген уулдарыңар барат. Ал жерди аларга берем, ал жерди ошолор ээлешет.

40 Силер болсо артыңарга кайрылып, Кызыл деңизди карай кеткен жол менен чөлгө жөнөгүлө”.

41 Ошондо силер мага: “Биз Теңирдин алдында күнөөгө баттык, Кудай-Теңирибиз бизге буйругандай, барабыз да салгылашабыз”, – деп, ар кимиңер согуш куралын асындыңар, тоого чыкканды оңой көрдүңөр.

42 Бирок Теңир мага мындай деди: “Аларга мындай деп айт: «Тоого чыкпагыла, салгылашпагыла, анткени Мен силер менен болбойм, душманыңар силерди кыйратып салат»”.

43 Мен силерге айткам, бирок силер мени укпай, Теңирдин буйругуна каршы чыктыңар, өжөрлүк кылып тоого чыктыңар.

44 Ошондо ошол тоодо жашаган аморлуктар силерге каршы чыгып, силерди Сеир тоосунан Хорманын өзүнө чейин аары талагандай артыңардан кууп барып талкалады.

45 Силер кайрылып келип, Теңирдин алдында ыйладыңар, бирок Теңир силердин ыйыңарды уккан жок, силерге көңүл бурган жок.

46 Ошентип, силер Кадеште көп убакыт туруп калдыңар.

**2-БӨЛҮМ**

1 Биз кайра артка кайрылып, Теңирдин мага айтканы боюнча Кызыл деңизди карай кеткен жол менен чөлгө жөнөдүк. Ошентип, биз Сеир тоосунун тегерегинде көпкө жүрдүк.

2 Анан Теңир мага мындай деди:

3 “Бул тоонун тегерегинде жетишерлик эле жүрдүңөр, түндүктү карай кеткиле.

4 Элге мындай буйрук бер: «Силер Сеирде жашаган бир тууганыңар Эйсаптын уулдары жашаган жерлерден өтөсүңөр. Алар силерден коркушат, бирок алар менен согушпагыла, сак болгула.

5 Мен силерге алардын жеринен алакандай да жер бербейм, анткени Сеир тоосун Эйсаптын карамагына бергем.

6 Тамакты алардан күмүшкө сатып алып жегиле, сууну алардан күмүшкө сатып алып ичкиле.

7 Анткени Кудай-Теңириң сенин бардык ишиңе батасын берип, ушул эбегейсиз чоң чөлдө жер кезип жүргөнүңдө калкалап келген. Кудай-Теңириң сени менен кырк жыл бирге болду. Сен эч нерседен кем болгон жоксуң»”.

8 Ошентип, биз Эйлат менен Этсион-Геберден чыгып, Сеир тоосунда жашаган бир тууганыбыз Эйсаптын уулдарынын жанынан түздүк менен Маап чөлүнө бет алдык.

9 Теңир мага мындай деди: “Мааптыктар менен касташпа да согушпа. Мен сенин карамагыңа анын жеринен бербейм, анткени Ар шаарын Лот уулдарынын энчисине бергем.

10 Мурун ал жерде Анактын уулдарындай алп, узун бойлуу, көп сандаган эймимдер жашаган.

11 Алар репалыктардын арасында Анактын уулдары болуп эсептелишчү. Мааптыктар болсо аларды эймимдер дешет.

12 Сеирде болсо мурун хориликтер жашачу, бирок Эйсаптын уулдары ал жерди тартып алышкан. Ысрайыл эли Теңир мураска берген жерди кантип ээлеп алса, Эйсаптын уулдары да аларды жок кылып, алардын жерин ошентип ээлеп алышкан”.

13 Теңир мага: “Жыйналып, Зерет өрөөнүнөн өткүлө”, – деди. Ошондо биз Зерет өрөөнүнөн өттүк.

14 Биз Кадеш-Барнейиден чыгып, Зерет өрөөнүнөн өткөнгө чейин отуз сегиз жыл өттү. Биздин арабыздагы согушка жараган эркек аттуунун баары кырылды, анткени Теңир аларга ушундай убада берген.

15 Биздин арабыздан аларды жок кылыш үчүн, алар кырылып жок болгончо, Теңир Өз колун алардын үстүнөн алган жок.

16 Согушка жараган эркек аттуунун баары өлгөндөн кийин,

17 Теңир мага мындай деди:

18 “Сен азыр Маап чек арасы Ардын жанынан өтүп,

19 амондуктарга жакындап калдың. Алар менен касташпа да согушпа. Мен сенин энчиңе амондуктардын жеринен бербейм, анткени ал жерди Лоттун уулдарынын энчисине бергем”.

20 Ал жер репалыктардын да жери болуп эсептелчү. Мурун ал жерде репалыктар жашачу. Амондуктар болсо аларды зумзумдуктар дешет.

21 Алар Анактын уулдарындай алп, узун бойлуу, көп сандаган эл болгон. Теңир аларды амондуктардын көз алдында кырып салган. Амондуктар алардын жерин ээлеп алып, ошол жерге отурукташып калышкан.

22 Теңир Сеирде жашаган Эйсаптын уулдарынын көз алдында хориликтерди кырып салгандай эле, амондуктар да аларды кууп, алардын жерине отурукташып, бүгүнкү күнгө чейин жашап калышты.

23 Каптордон чыккан капторлуктар да Азанын тегерегиндеги айыл-кыштактарда жашаган абахтыктарды кырып, алардын ордуна отурукташып алышты.

24 Теңир мага: “Жыйналып, жолго чыккыла да, Арнон суусунан өткүлө. Эми Мен Кешпон падышасы аморлук Сихонду жери менен кошо колуңа берем. Ал жерди ээлей башта, аларга каршы согуш ач.

25 Мен бүгүндөн баштап жер үстүндөгү элдерди сенден коркуп, үрөйү уча тургандай кылам. Сен жөнүндө уккандар сенден коркуп, үрөйү уча турган болушат”, – деген.

26 Анан мен Кедемот чөлүнөн Кешпон падышасы Сихонго тынчтык жөнүндө сүйлөшкөнү элчилерди жөнөттүм. Алар ага мындай деп айтышты:

27 “Сенин жериңен өтүүгө уруксат эт. Мен жол менен өтөм, оңго да, солго да кайрылбайм.

28 Тамак-ашты мага күмүшкө сат, сатып алып жейин; сууну да күмүшкө сат, сатып алып ичейин да, бутум баскан жер менен гана өтүп кете берейин.

29 Сеирде жашаган Эйсаптын уулдары менен Арда жашаган мааптыктар мага кандай кылышса, Кудай-Теңирибиз берип жаткан жерге Иордан аркылуу өтүп кеткенче, сен да ошондой кыл".

30 Бирок Кешпон падышасы Сихон бизди өз жеринен өткөрүүгө макул болгон жок, анткени Кудай-Теңир аны сенин колуңа салып бериш үчүн, өзүң көрүп тургандай, аны катаалдантып, өжөрлөнтүп салган.

31 Анан Теңир мага мындай деди: "Эми Мен сага Сихонду жери менен кошо колуңа салып бере баштайм, анын жерин ээлей башта".

32 Ошондо Сихон бүт эли менен бизге каршы Жааста согуш ачты.

33 Кудай-Теңирибиз аны биздин колубузга салып берди, биз анын өзүн да, балдарын да, бүт элин кырып салдык.

34 Биз ошол учурда анын бардык шаарларын басып алып талкалап салдык, эркектерин да, аялдарын да, балдарын да тирүү калтырган жокпуз.

35 Бирок биз басып алган шаарлардагы алардын мал-мүлкүн олжолоп алдык.

36 Арнон суусунун жээгиндеги Аройер шаарынан тартып өрөөндө жайгашкан шаардан тартып Гилатка чейин биз басып албаган бир да шаар калган жок. Бардыгын Кудай-Теңирибиз биздин колубузга салып берди.

37 Кудай-Теңирибиз бизге тыюу салган амондуктардын жерине, Жабок суусунун тегерегиндеги жерлерге, тоо койнундагы шаарларга гана жакындаган жоксуң.

**3-БӨЛҮМ**

1 Биз ал жерден бурулуп, Башанга бет алдык. Башан падышасы Ог өз эли менен Эдрейдин жанында бизге каршы согуш ачты.

2 Ошондо Теңир мага: "Андан коркпо, анткени аны бүт эли-жери менен кошо сенин колуңа салып берем. Сен Кешпондо жашаган Амор падышасы Сихонду кандай кылсаң, аны да ошондой кыласың", – деди.

3 Анан Кудай-Теңирибиз Башан падышасы Огду бардык эли менен биздин колубузга салып берди. Биз алардын эч кимисин тирүү калтырбай кырып салдык.

4 Биз ошол учурда анын бардык шаарларын басып алдык. Алардын биз басып албаган бир да шаары калган жок. Алтымыш шаарды, аргоптуктардын бүт аймагын, Башан падышасы Огдун падышачылыгын басып алдык.

5 Бул шаарлардын бардыгы бийик дубалдар менен курчалган, дарбазалары бекем кулпулар менен бекитилген шаарлар экен. Булардан сырткары дубал менен курчалбаган көптөгөн шаарларды басып алдык.

6 Кешпон падышасы Сихондун бүт шаарларын талкалап, эркектерин, аялдарын, балдарын кырып салгандай, аларды да талкалап, элин кырып салдык.

7 Ал эми алардын шаарларындагы мал-мүлкүн олжолоп алдык.

8 Биз ошол учурда аморлук эки падышанын колунан Иордандын берки өйүзүндөгү Арнон суусунан Хермон
тоосуна чейинки жерлерди тартып алдык.

9 Сидондуктар Хермонду Сирион дешет, аморлуктар болсо аны Сенир дешет.

10 Түздүктөгү бардык шаарларды, бүткүл Гилат жерин, Салха менен Эдрейге чейинки бүткүл Башан жерин,
Башан падышасы Огдун шаарларынын бардыгын басып алдык.

11 Репалыктардын ичинен Башан падышасы Ог гана калды. Анын жаткан орду темирден, ал азыр
амондуктар жашаган Рабеде турат. Эркектердин чыканагы менен ченегенде, анын узундугу тогуз чыканак,
туурасы төрт чыканак.

12 Биз ошол учурда Арнон суусунун жээгиндеги Аройерден тартып Гилат тоолоруна чейинки шаарларды
басып алдык. Гилат тоосунун жарымын шаарлары менен Рубейин, Гат урууларына бердим.

13 Ал эми Гилаттын калган жарымын, Ог падышачылык кылган бүт Башан жерин, Башан жериндеги Аргоп
аймагын Менашенин жарым уруусуна бердим.

14 Менашенин уулу Жайыр Гешур менен Маах чегине чейин жаткан бүткүл Аргоп аймагын басып алып,
Башан аймагын өз аты менен Жайыр кыштактары деп атады. Ал азыр да ушундай аталат.

15 Махирге мен Гилатты бердим.

16 Ал эми Рубейин менен Гат уруусуна Гилаттан Арнон суусуна чейин, Арнондон Амон уулдарынын чек
арасы болгон Жабок суусуна чейин бердим.

17 Ошондой эле Кинереттен тартып чыгышты карай кеткен Пизги тоосунун этегинде жаткан Туздуу деңизге
чейинки түздүктү жана батыш чек арасы болуп эсептелген Иорданды бердим.

18 Мен ошол учурда силерге мындай буйрук бергем: “Кудай-Теңириңер ушул жерлерди бүт бойдон
силердин энчиңерге берди. Согушка жараганыңардын баары куралданып, бир тууганыңар болгон Ысрайыл
уулдарынын алдында жөнөгүлө.

19-20 Теңир силерге берген тынчтыкты бир туугандарыңарга да бермейинче жана алар Кудай-Теңириңер
берип жаткан Иордандын аркы өйүзүндөгү жерлерди ээлеп алышмайынча, аялдарыңар, балдарыңар,
малыңар гана мен берген шаарларда калышсын. Ээлеп алышкандан кийин гана ар бириңер мен берген өз
энчиңерге кайтып келесиңер”.

21 Ошол учурда Жашыяга да мындай осуят бергем: “Кудай-Теңириңер ушул эки падышаны эмне кылганын
өз көзүң менен көрдүң. Теңир сен басып өтө турган падышачылыктарды да ошондой кылат.

22 Алардан коркпогула, анткени силердин Кудай-Теңириңер силер үчүн Өзү күрөшөт”.

23 Мен ошол учурда Теңирге мындай деп сыйынгам:

24 “О Эгедер Теңирим, Сен Өз кулуңа Өзүңдүн улуулугуң менен күчтүү колуңду көрсөтө баштадың,
анткени асманда да, жерде да Сен кылган иштерди кыла ала турган, Сенин кудуретиңди көрсөтө ала турган
кудай жок!

25 Мени Иордандын аркы өйүзүнө өткөрүп, жер соорусун, эң кооз тоону жана Лебанонду көрсөт”.

26 Бирок Теңир силердин айыңардан мага каарданып, мени укпай, мага мындай деди: “Болду, жетишет, мындан ары Мага ал тууралуу айтпа.

27 Пизги тоосунун чокусуна чыгып, деңиз жакка, түндүккө, түштүккө, чыгышка көз чаптырып, өз көзүң менен көрүп ал, анткени сен мына бул Иордандан ары өтпөйсүң.

28 Жашыяга акыл-насаат айтып, дем-күч берип бекемде, анткени ал элди жетектеп, сен көз чаптырып көрө турган жерди аларга энчилеп бөлүп берет”.

29 Ошентип, биз Бейт-Пейордун каршысындагы өрөөнгө келип токтодук.

**4-БӨЛҮМ**

**Мусанын элге акыл-насаат айтышы**

1 Ошондуктан, Ысрайыл, өлүп калбашыңар үчүн жана ата-бабаларыңардын Кудай-Теңири берип жаткан жерге барып, аны мурастап алышыңар үчүн, мен силерге аткарууну үйрөтүп жаткан көрсөтмөлөр менен мыйзамдарды ук.

2 Мен силерге эмнени осуяттасам, ага эч нерсе кошпогула да, андан эч нерсе албагыла. Кудай-Теңириңер берген осуяттарды аткаргыла.

3 Теңирдин Баал-Пейорду эмне кылганын өз көзүңөр менен көрдүңөр. Баал-Пейорду ээрчиген адамдарды Кудай-Теңириң силердин араңардан кырып жок кылды.

4 Силердин араңардан Кудай-Теңириңерге жабышкандары азыркыга чейин тирүү.

5 Мен силерге Кудай-Теңирим берген мыйзамдар менен көрсөтмөлөрдү үйрөттүм. Ээлегени бара жаткан жерге барганыңарда, ушуларды аткаргыла.

6 Ушуларды сактагыла жана аткаргыла, анткени башка элдердин алдындагы силердин акылдуулугуңар менен эстүүлүгүңөр ушунда. Алар бул мыйзамдарды угуп: “Ушул улуу эл гана даанышман да, акылман да экен”, – деп айтышат.

7 Качан чакырса да, ушунчалык жакын болгон биздин Кудай-Теңирибиздей кудайы бар улуу эл барбы?

8 Мен бүгүн силерге берип жаткан мыйзамдай ушунчалык адилеттүү мыйзамдары менен көрсөтмөлөрү бар улуу эл барбы?

9 Сак бол, жаныңды бек сакта, өз көзүң менен көргөн иштерди унутпа, аларды өмүрүң өткөнчө жүрөгүңдөн чыгарба. Аларды балдарыңа, балдарыңдын балдарына үйрөт.

10 Сен Хорепте Кудай-Теңириңдин алдында турган күн тууралуу, ошондо Теңирдин мага: “Элди Мага жыйнап кел, Мен аларга сөзүмдү айтам, ал сөздөн алар жер үстүндөгү бүт өмүрүндө Менден коркуп жүрүүнү үйрөнүшөт, аны балдарына да үйрөтүшөт”, – дегенин айт.

11 Ошондо силер чогулуп келип, тоонун этегинде турдуңар. Тоо болсо асманга жете жалындап күйүп, булут жана караңгылык каптап турган.

12 Ошондо Теңир силерге от ичинен сүйлөгөн. Силер Анын сөздөрүн уктуңар, бирок бейнесин көргөн жоксуңар, силер Анын үнүн гана уктуңар.

13 Ал силер аткара турган он осуяттан турган Өзүнүн келишимин жарыялап, эки таш лоокко жазган.

14 Теңир мага ошол учурда ушул мыйзамдар менен көрсөтмөлөрдү силерге үйрөтүүнү буйруду. Аларды өзүңөр барып ээлеп ала турган жерде аткарышыңар керек.

15 Хорепте Теңир силерге от ичинен сүйлөгөн күнү Анын бейнесин көрбөгөнүңөр эсиңерден чыкпасын.

16 Бузуктук кылып, балбалдарды, эркектин же аялдын түспөлүндөгү жалган кудайларды,

17 жер үстүндө жашаган кандайдыр бир жаныбардын, асман астында учкан кандайдыр бир канаттуунун,

18 жерде сойлоп жүрүүчү кандайдыр бир сойлоочу жаныбардын, жерден төмөн жаткан суулардагы кандайдыр бир балыктын түспөлүн жасабагыла.

19 Асманды карап, күндү, айды, жылдыздарды жана асман кошуунун көрүп, аларга азгырылып, таазим кылып кызмат кылба, анткени Кудай-Теңириң аларды жер үстүндө жашаган бардык элдер үчүн жараткан.

20 Силерди болсо Теңир Өзүнүн эли кылып алыш үчүн, темир эритүүчү мештен, Мисирден, алып чыкканын өзүңөр көрүп турасыңар.

21 Теңир силердин айыңардан мага каарданып, мени Иордандын аркы өйүзүнө өткөрбөйм деп убада бергендиктен, мен эми Кудай-Теңириң сенин энчиңе берип жаткан жер соорусуна кирбейм.

22 Мен эми Иордандан ары өтпөй, ушул жерде өлөм. Силер болсо андан ары өтүп, ошол жер соорусун ээлейсиңер.

23 Кудай-Теңириңердин силер менен түзгөн келишимин унутуп, Кудай-Теңириңер буйругандай, бир нерсенин түспөлүндөгү жалган кудай жасагандан сак болгула.

24 Анткени Кудай-Теңириң – жалмап салуучу от, кызганчаак Кудай.

25 Балалуу, неберелүү болуп, жер үстүндө узак жашап калганда, бузуктук кылып, бир нерсенин түспөлүн кудай кылып алып, Кудай-Теңириңердин алдында ушундай кыянаттык кылып, Аны каардантсаңар,

26 анда силерге асман менен жерди күбө кылып айтып коёюн: Иордандан өтүп мураска ала турган жериңерден көп узабай айрыласыңар, ал жерде көпкө турбайсыңар, кырыласыңар.

27 Теңир силерди башка элдердин арасына таратып жиберет. Теңир силерди алып барган элдердин арасында азыңар гана каласыңар.

28 Ал жерде адамдардын колу менен жасалган, көрбөгөн, укпаган, тамак жебеген, жыт сезбеген, жыгачтан жана таштан жасалган кудайларга табынып каласыңар.

29 Бирок сен ал жерде Кудай-Теңириңди издесең, Аны табасың. Эгерде Аны чын жүрөгүңдөн, жан-дилиң менен издей турган болсоң, анда табасың!

30 Башыңа мүшкүл түшкөндө, айтылгандардын баары башыңа түшкөндө, акыркы күндөрдө Кудай-Теңириңе кайрылып, Ага моюн сунасың.

31 Кудай-Теңириң – боорукер Кудай, Ал сени таштабайт да өлтүрбөйт, Ал сенин ата-бабаларың менен түзгөн, анты менен бекемдеген келишимин унутпайт.

32 Кудай адамды жараткан күндөн тартып сенин убагыңа чейинки байыркы мезгилдер жөнүндө сура, асмандын бир четинен экинчи четине чейин сура: ушундай улуу иш болду беле же ушундай ишти бирөө укту беле?

33 От ичинен сүйлөгөн Кудайдын үнүн сендей болуп угуп тирүү калган эл барбы?

34 Же болбосо өзүңөр көргөндөй, силерди Мисирден жазалары, жышаандары, кереметтери, согуштары, күчтүү колу, зор коркунучу менен алып чыккан Кудай-Теңириңерге окшоп кайсы элдин кудайы өзүнүн элин башка элдин арасынан алып чыкты эле?

35 Теңир гана Кудай экенин жана Андан башка Кудай жок экенин билишиң үчүн, сага ушуларды көрсөттү.

36 Сени үйрөтүш үчүн, асмандан үнүн угузду, жерде Өзүнүн улуу отун көрсөттү, сен Анын үнүн от ичинен уктуң.

37 Ал сенин ата-бабаларыңды сүйгөндүктөн, алардын кийинки укум-тукумун – силерди тандап алып, Өзүнүн улуу күчү менен Мисирден Өзү алып чыкты.

38 Азыр көрүп турганыңдай, сенден көп, сенден күчтүү элди сенин алдыңан кууп чыгып, сени ал жерге алып барып, алардын жерин сага энчилеп берген.

39 Ошондуктан азыр Теңир гана Кудай экенин, жогорку асманда, төмөнкү жер бетинде Андан бөлөк Кудай жок экенин билип, көңүлүңө түйүп ал.

40 Кудай-Теңириң түбөлүккө берип жаткан жерде көпкө жашашың үчүн, сага да, сенден кийинки балдарыңа да жакшы болуш үчүн, азыр мен сага берип жаткан Анын мыйзамдары менен осуяттарын бек сакта».

**Баш калкалай турган үч шаар жөнүндө**

41 Ошондо Муса Иордандын берки өйүзүндө, күн чыгыш тарапта жайгашкан үч шаарды бөлүп койду.

42 Ал шаарларга өз жакынын мурун кас болбой туруп, кокустан өлтүрүп алган киши качып барсын. Ал төмөнкү шаарлардын бирине качып барып, тирүү калсын:

43 Рубейин уруусу жашаган түздүктөгү Бетсер шаары, Гат уруусу жашаган Гилат тоосундагы Рамот шаары, Менаше уруусу жашаган Башандагы Голан шаары.

44 Мусанын Ысрайыл уулдарына берген мыйзамы ушул.

45 Ысрайыл уулдары Мисирден чыккандан кийин, Мусанын аларга берген буйруктары, мыйзамдары, көрсөтмөлөрү ушулар.

46 Буларды Муса Мисирден чыккандан кийин, Иордандын берки өйүзүндөгү, Бейт-Пейордун каршысындагы өрөөндө Ысрайыл уулдары менен бирге Кешпондо жашаган аморлук Сихондун жерин басып алгандан кийин айткан.

47 Ошентип, алар Иордандын берки өйүзүндөгү күн чыгыш тарапта жайгашкан аморлуктардын эки падышасынын – Кешпон падышасы Сихондун жана Башан падышасы Огдун жерлерин,

48 Арнон суусунун жээгиндеги Аройерден Хермон деп аталган Сион тоосуна чейинки жерлерди,

49 Иордандын берки өйүзүндөгү чыгышты карай кеткен түздүктү Пизги тоосунун этегинде жаткан деңизге чейин ээлеп алышты.

**5-БӨЛҮМ**

**Он осуяттын кайталанышы**

1 Муса бүткүл Ысрайыл элин чакырып алып, аларга мындай деди: «Ук, Ысрайыл эли, мен бүгүн силерге айта турган көрсөтмөлөр менен мыйзамдарды уккула, аларды жаттап алгыла, аткарганга аракет кылгыла.

2 Кудай-Теңирибиз биз менен Хорепте келишим түздү.

3 Теңир ал келишимди биздин ата-бабаларыбыз менен эмес, бүгүн ушул жерде тирүү турган биз менен түздү.

4 Теңир силер менен тоодо от ичинен бетме-бет сүйлөшкөн.

5 Мен болсо ошол учурда Теңирдин сөзүн силерге жеткириш үчүн, Теңир менен силердин ортоңордо турдум, анткени силер оттон коркуп, тоого чыккан жоксуңар. Ошондо Ал мындай деген:

6 “Сени Мисир жеринен алып чыккан, кулчулуктан бошоткон Кудай-Теңириң Менмин.

7 Сенин Менден башка кудайларың болбосун.

8 Жогорку асмандагы, төмөнкү жердеги, жерден төмөн суудагы нерселерди сүрөттөп, жасалма кудай жасаба.

9 Аларга табынып кызмат кылба, анткени сенин Кудай-Теңириң Мен кызганчаак Кудаймын. Мени жек көргөндөрдүн балдарын ата-бабаларынын күнөөсү үчүн үчүнчү, төртүнчү тукумуна чейин жазалаган Кудаймын.

10 Мени сүйгөндөрдүн, Менин осуяттарымды аткаргандардын миңинчи тукумуна чейин ырайым кылган Кудаймын.

11 Кудай-Теңириңдин ысымын курулай эле айта бербе, анткени Анын ысымын курулай эле айта бергенди Теңир жазасыз калтырбайт.

12 Ишемби күндү дайыма ыйык тут, Кудай-Теңириң сага осуяттагандай, аны ыйык сакта.

13 Алты күн иштеп, ар кандай жумушуңду кыл.

14 Ал эми жетинчи күн – Кудай-Теңириңдин ишемби күнү. Ал күнү өзүң да, уулуң да, кызың да, кулуң да, күңүң да, өгүзүң да, эшегиң да, башка малың да, үйүңдөгү келгин да эч кандай жумуш кылбасын, өзүң эс алгандай, кулдарың да, күңдөрүң да эс алсын.

15 Мисир жеринде кул болгонуңду, бирок Кудай-Теңириң ал жерден сени сунулган колу, күчтүү билеги менен алып чыкканын эсиңден чыгарба, ошондуктан Кудай-Теңириң сага ишемби күндү ыйык тутууну буйруган.

16 Кудай-Теңириң берип жаткан жерде өзүңө жакшы болсун десең, өмүрүң узун болсун десең, Кудай-Теңириң сага буйругандай, атаң менен энеңди сыйла.

17 Киши өлтүрбө.

18 Ойноштук кылба.

19 Уурдаба.

20 Бирөө жөнүндө жалган ушак айтпа.

21 Жакыныңдын аялына да, үйүнө да, жерине да, кулуна да, күңүнө да, өгүзүнө да, эшегине да, эч бир нерсесине көз артпа”.

22 Бул сөздөрдү Теңир тоодо, от ичинен, булут ичинен, караңгылык ичинен катуу үн чыгара бүткүл жамаатыңарга айткан, андан башка эч нерсе айткан эмес. Ал сөздөрдү эки таш лоокко жазып, мага берген.

23 Силер караңгылык ичинен үндү укканда, тоо жалындап күйүп турган, ошондо силер уруу башчыларыңар, аксакалдарыңар менен мага келип, мындай дегенсиңер:

24 “Кудай-Теңирибиз бизге Өзүнүн даңкы менен улуулугун көрсөттү. Биз от ичинен Анын үнүн уктук. Бүгүн биз Кудайдын адам менен сүйлөшкөнүн көрдүк, ал адам тирүү калды.

25 Биз, эмне, өлүшүбүз керекпи? Эми бул коркунучтуу от бизди жалмап салат. Эгерде Кудай-Теңирибиздин үнүн дагы бир жолу уксак, өлүп калабыз.

26 От ичинен сүйлөгөн тирүү Кудайдын үнүн биздей болуп угуп тирүү калган адам барбы?

27 Сен барып, Кудай-Теңирибиз эмнени айтса, ошонун бардыгын угуп кел. Кудай-Теңирибиз сага эмнени айтса, ошонун бардыгын бизге айтып бер, биз аны угабыз жана аткарабыз”.

28 Теңир силердин мени менен сүйлөшкөндө айткан сөздөрүңөрдү угуп, мага мындай деди: “Мен бул элдин сага айткан сөздөрүн уктум, алардын айткандарынын баары жакшы.

29 Бирок алардын жүрөгү ушундай болсо кана! Менден коркуп, өмүрлөрү өткөнчө Менин осуяттарымды аткарышса, аларга да, алардын балдарына да түбөлүккө жакшы болор эле.

30 Аларга барып: «Өз чатырларыңарга кайткыла», – деп айт.

31 Сен болсо бул жерде Мени менен кал, Мен сага мыйзамдар менен көрсөтмөлөрдү айтам, сен ошол мыйзамдар менен көрсөтмөлөрдү аларга үйрөтүшүң керек. Мен аларга энчилеп берип жаткан жерде ушуларды аткарышсын”.

32 Байкагыла, Кудай-Теңириңер кандай буйрук кылса, так ошондой кылгыла. Андан оңго да, солго да бурулбагыла.

33 Кудай-Теңириңер көрсөткөн жол менен жүргүлө, ошондо тирүү калып, өз энчиңерге алган жерде жакшы жашап, узак өмүр сүрөсүңөр.

**6-БӨЛҮМ**

**Улуу осуят**

1 Силерге үйрөтүш үчүн берген Кудай-Теңириңердин осуяттары, мыйзамдары, көрсөтмөлөрү ушулар. Аларды өзүңөр ээлегени бара жаткан жерде аткаргыла.

2 Кудай-Теңириңден корккун жана узак өмүр сүрүш үчүн, мен сага осуяттап жаткан Анын мыйзамдары менен осуяттарын өзүң, балдарың, балдарыңдын балдары өмүрүңөр өткөнчө аткаргыла.

3 Ошентип, кулак сал, Ысрайыл, сенин ата-бабаларыңдын Кудай-Теңири сага берем деген, сүт менен бал аккан жерде жакшы жашап, укумдап-тукумдап көбөйүшүң үчүн, ушуларды аткарууга аракет кыл.

4 Кулак сал, Ысрайыл: силердин Кудай-Теңириңер – бир Кудай.

5 Кудай-Теңириңди чын жүрөгүң менен, жан-дилиң менен, бардык күч-кубатың менен сүй.

6 Мен бүгүн осуяттап жаткан ушул сөздөрдү жүрөгүңдө сакта.

7 Аларды үйдө отурганыңда да, жолдо бара жатканыңда да, жатканыңда да, турганыңда да балдарыңа кайра-кайра айтып үйрөт.

8 Аларды эсиңден чыгарбаш үчүн, колуңа байлап, маңдайыңа таңып ал.

9 Аларды эшигиңдин кашектерине, дарбазаңа жазып кой.

10 Кудай-Теңириң ата-бабаларың Ыбрайымга, Ыскакка, Жакыпка берем деп убада кылган жерге сени алып барганда, сен курбаган чоң жана кооз шаарларды,

11 сен жыйнабаган байлыкка толгон үйлөрдү, сен казбаган кудуктарды, сен тикпеген жүзүмзарларды, сен отургузбаган зайтун дарактарын берет. Сен алардан тойгонча жейсиң.

12 Ошондо байкагын, сени Мисир жеринен, кулчулуктан алып чыккан Теңирди унутпа.

13 Кудай-Теңириңден корккун, Ага гана кызмат кыл, Анын ысымы менен ант бер.

14 Башка кудайларды ээрчибегиле, тегерегиңерде жашаган башка элдердин кудайларын ээрчибегиле.

15 Анткени араңарда жашаган Кудай-Теңириңер – кызганчаак Кудай. Кудай-Теңириң сага каарданып, сени жер бетинен жок кылып салбасын.

16 Кудай-Теңириңерди Масада сынагандай сынабагыла.

17 Кудай-Теңириңдин сага берген осуяттарын, көрсөтмөлөрүн, мыйзамдарын бек сакта.

18 Теңириң ата-бабаларыңа убада кылган жер соорусуна барып, аны ээлеп алышың үчүн жана ал жерде сага жакшы болуш үчүн, Теңирге жаккан, адилеттүү, жакшы иштерди кыл.

19 Ошондо Теңир Өзү айткандай, сенин алдыңан бардык душмандарыңды кууп жиберет.

20 Эгерде сенин балаң кийин сенден: “Кудай-Теңириң берген осуяттар, мыйзамдар, көрсөтмөлөр эмнени билдирет?” – деп сураса,

21 балаңа мындай деп айт: “Биз Мисирде фараонго кул болгонбуз, бирок Теңир бизди Өзүнүн күчтүү колу менен Мисирден алып чыккан.

22 Теңир биздин көз алдыбызда Мисир жерине, фараонго, анын үйлөрүнө жышаандарды, чоң кереметтерди, көрсөткөнүн, аларды жазалаганын көрдүк.

23 Ата-бабаларыбызга убада кылган жерге бизди алып барып, ал жерди бизге бериш үчүн, бизди Мисирден алып чыкты.

24 Ошондо Кудай-Теңирибизден коркушубуз үчүн, өмүрүбүз өткөнчө бизге жакшы болуш үчүн, өмүрүбүз бүгүнкүдөй сакталып калышы үчүн, ушул мыйзамдардын баарын аткарууну буйруган.

25 Эгерде биз ушул мыйзамдардын баарын Кудай-Теңир буйругандай, Анын алдында аткарууга аракет кылсак, биздин адилеттигибиз ушунда".

**7-БӨЛҮМ**

1 Кудай-Теңириң сени ээлегени бара жаткан жерге алып барганда, сенден алда канча көп жана күчтүү мына бул жети элди: хеттиктерди, гиргештиктерди, аморлуктарды, канаандыктарды, перездиктерди, хибиликтерди, жебустуктарды сенин алдыңан кууп чыгып,

2 аларды колуңа салып берет, сен аларды кырып саласың. Ошондо алардын бирин да калтырбай кырып сал, алар менен келишим түзбө, аларды аяба.

3 Алар менен куда-сөөк да болбо: кыз алышып, кыз беришпе.

4 Анткени алар сенин уулдарыңды Менден алыстатат, уулдарың башка кудайларга кызмат кылып калышат. Ошондо Теңир каарданып, силерди тез эле кырып салат.

5 Аларга мындай кылгыла: курмандык чалынуучу жайларын талкалагыла, мамыларын кулаткыла, токойчолорун кыйгыла, балбалдарын отко ыргытып, өрттөп жибергиле.

**Кудайдын эли**

6 Анткени сен Кудай-Теңириңдин ыйык элисиң. Жер бетиндеги бардык элдердин ичинен сен Анын Өз эли болушуң үчүн, сени Кудай-Теңириң тандап алган.

7 Теңир силерди башка элдерден көп болгонуңар үчүн тандап алган жок, силер башка элдерге караганда аз сандагы элсиңер.

8 Теңир силерди сүйгөндүктөн, силердин ата-бабаларыңарга берген убадасын аткарыш үчүн, силерди Өзүнүн күчтүү колу менен алып чыкты. Ал сени кулчулуктан, Мисир падышасы фараондун колунан куткарып алды.

9 Ошондуктан билип жүр: сенин Кудай-Теңириң – Кудай, Өзүнүн келишимин сактаган ишенимдүү Кудай. Ал Өзүн сүйгөндөрдүн жана Өзүнүн осуяттарын аткаргандардын миңинчи тукумуна чейин Өзүнүн ырайымын көрсөтөт.

10 Ал Өзүн жек көргөндөрдүн ар бирин өзүнчө жазалайт. Ал Өзүн жек көргөндүн жеке өзүн кечиктирбестен жазалайт.

11 Ошондуктан мен бүгүн сага берип жаткан осуяттарды, көрсөтмөлөрдү, мыйзамдарды аткар.

**Теңирдин жеңиш убада кылышы**

12 Эгерде сен ушул мыйзамдарга баш ийсең, аларды сактасаң, аткарсаң, анда Кудай-Теңириң ата-бабаларыңа убада кылгандай, Өзүнүн келишимин бек сактап, сага ырайым кылат.

13 Ал ата-бабаларыңа убада кылып, сага берген жерде сени сүйүп, сага батасын берип, укумдатып-тукумдатып көбөйтөт. Балдарыңа, жерден алган түшүмүңө, эгиниңе, жүзүмүңдүн ширесине, зайтун майыңа батасын берет, бодо малың менен майда малыңды төлдөтөт.

14 Башка элдерге караганда баталуу болосуң. Сенде тукумсуз эркек, төрөбөс аял, төлдөбөс мал болбойт.

15 Сени ар кандай оорудан алыс кылат жана Мисирдеги сен билген оор дарттардын эч бирин жолотпойт, бирок аларды сени жек көргөндөрдүн баарына жиберет.

16 Кудай-Теңириң колуңа салып берип жаткан элдерди жок кыласың. Аларды аяба, алардын кудайларына табынба, анткени алар сага жайылган тор болот.

17 Эгерде сага “Бул элдер менден алда канча көптүк кылат, аларды мен кантип кууп чыгам?” деген ой келсе,

18 алардан коркпо, Кудай-Теңириңдин фараонго жана бүткүл Мисир жерине эмне кылганын эсте.

19 Өз көзүң менен көргөн ошол улуу сыноолорду, жышаандарды, кереметтерди, Кудай-Теңириңдин сунулган колу, күчтүү билеги менен алып чыкканын эсте. Сен коркуп жаткан ал элдерге Кудай-Теңириң так ошондой кылат.

20 Тирүү калгандарды, качып кеткендерди жок кылмайынча, Кудай-Теңириң аларга чоң аарыларды жиберет.

21 Алардан коркпо, анткени сенин Кудай-Теңириң – улуу жана коркунучтуу Кудай.

22 Кудай-Теңириң ал элдерди сенин жериңден акырындык менен кууп чыгат. Талаа жырткычтары көбөйүп, сага кол салбашы үчүн, сен ал элдерди тез аранын ичинде жок кылбайсың.

23 Бирок аларды сенин колуңа Кудай-Теңириң Өзү салып берет. Аларга дүрбөлөң түшүрөт, ошондо алар кырылып жок болушат.

24 Алардын падышаларын да колуңа салып берет, сен алардын атын жер үстүнөн өчүрөсүң. Сен аларды жок кылмайынча, сенин алдыңда эч ким туруштук бере албайт.

25 Алардын жасалма кудайларын өрттөп жибергиле. Ал жасалма кудайлардагы алтын-күмүштү алам деп ойлобо, болбосо торго түшүп каласың. Бул сенин Кудай-Теңириң үчүн жийиркеничтүү.

26 Ага окшоп каргышка калбашың үчүн, андай жийиркеничтүү нерсени үйүңө жолотпо. Аны жек көр, андан жийиркен, анткени ал – каргышка калган нерсе.

**8-БӨЛҮМ**

**Убада кылынган жер жөнүндө**

1 Теңир ата-бабаларыңарга убада кылган жерге барып, аны ээлеп, тирүү калышыңар үчүн жана укумдап-тукумдап көбөйүшүңөр үчүн, мен бүгүн силерге берип жаткан осуяттардын баарын аткарууга аракет кылгыла.

2 Кудай-Теңириң сени чөлдө алып жүргөндөгү бүт жолуңду эсиңден чыгарба. Анын осуяттарын сактарыңды же сактабарыңды, жүрөгүңдө эмне бар экенин билиш үчүн, сени сынаш үчүн, сени жоошутуу үчүн алып жүргөнүңө кырк жыл болду.

3 Ал сага адам нан менен гана эмес, Теңирдин оозунан чыккан сөз менен жашарын көрсөтүш үчүн, сени жоошутту, ачкачылык менен алсыратты жана сен билбеген, сенин ата-бабаларың билбеген манна менен азыктантты.

4 Ошол кырк жылдын ичинде кийимиң жыртылган жок, бутуң шишиген жок.

5 Атасы баласын үйрөткөндөй, Кудай-Теңириң сени үйрөтүп жатканын эсиңден чыгарба.

6 Ошондуктан Кудай-Теңириңдин жолу менен жүр, Андан корк, Анын осуяттарын аткар.

7 Анткени Кудай-Теңириң сени өрөөндөрү менен тоолорунан дарыялар, булактар жана көлдөр агып чыккан,

8 буудай, арпа, жүзүм, анар жана анжыр дарактары, зайтун дарактары өскөн, бал аккан жерге алып бара жатат.

9 Ал жерде сен нанды тойгончо жеп, эч нерседен кем болбойсуң, ал жердин таштары – темир, ал жердин тоолорунан жез кенин аласың.

10 Жеп-ичип тойгонуңда, сага берген асыл жери үчүн Кудай-Теңириңе алкыш айт.

11 Байкагын, бүгүн мен сага берип жаткан Анын осуяттарын, мыйзамдарын, көрсөтмөлөрүн аткарбай койбо, Кудай-Теңириңди унутуп калба.

12 Жеп-ичип тойгонуңда жана заңгыраган үйлөрдү салып жашап жатканыңда,

13 бодо малың менен майда малың, алтының менен күмүшүң көбөйгөндө, сенде бардыгы жетиштүү болгондо,

14 байкагын, жүрөгүң текеберденип кетпесин, сени Мисир жеринен, кулчулуктан алып чыккан Кудай-Теңириңди унутуп калба.

15 Ал сени уулуу жылан, кара курт жашаган коркунучтуу ээн кара чөл менен, бир тамчы суусу жок жерлер менен алып өткөн. Ал сага аска таштан суу чыгарып берген.

16 Акырында сага жакшылык кылыш үчүн, сени жоошутуш үчүн, сыноодон өткөрүш үчүн, сени ошол чөлдө ата-бабаң билбеген манна менен азыктанткан.

17 Ичиңден: “Ушул байлыкты өз колум менен, өз күчүм менен таптым”, – деп айтпа,

18 Кудай-Теңириңди эсиңден чыгарба, сенин ата-бабаларыңа ант берип түзгөн Өзүнүн келишимин аткарыш үчүн, байлык тапканга күч-кубатты сага Ал берип жатат.

19 Эгерде сен Кудай-Теңириңди унутуп, башка кудайларды ээрчип кетсең, аларга табынып, кызмат кылсаң, мен азыр эле айтып коёюн: сен кырылып жок болосуң.

20 Кудай-Теңириңдин үнүн укпаганың үчүн, Теңир сенин алдыңда жок кылып жаткан элдерге окшоп, сен да жок болосуң.

**9-БӨЛҮМ**

1 Кулак сал, Ысрайыл, көк тиреген чептүү чоң шаарлары бар, сенден алда канча көп жана күчтүү элди басып алыш үчүн, сен азыр Иордандын аркы өйүзүнө өтүп бара жатасың.

2 Ал эл – саны көп, узун бойлуу Анактын уулдары. Сен алар жөнүндө билесиң жана "Анактын уулдарына ким каршы тура алат?" деген сөздү угуп жүрөсүң.

3 Билип кой азыр, Кудай-Теңириң бардыгын жалмап жиберүүчү оттой болуп, сенин алдыңда бара жатат. Теңир аларды кырат, сага багынтып берет; Теңир сага айткандай, сен аларды кууп жибересиң, тез эле кырып саласың.

4 Кудай-Теңириң аларды сен үчүн кууп чыкканда, өз жүрөгүңдө: "Адил болгонум үчүн Теңир мени бул жерге ээ кылды, мыйзамсыз болгону үчүн Теңир бул элди менин алдыман кууп чыгарып жатат", – деп айтпа.

5 Сен алардын жерин адил болгонуң үчүн, жүрөгүң таза болгону үчүн мурастаганы бара жаткан жоксуң. Бирок сенин Кудай-Теңириң ал элдерди мыйзамсыз иштери үчүн жана сенин ата-бабаң Ыбрайымга, Ыскакка, Жакыпка берген убадасын аткарыш үчүн, сенин алдыңан кууп жатат.

6 Ошондуктан билип кой, Кудай-Теңириң бул жер соорусун сага адил болгондугуң үчүн берип жаткан жок, сен тоң моюн элсиң.

7 Кудай-Теңириңди чөлдө канча жолу каардантканыңды эсиңден чыгарба, Мисир жеринен чыккан күндөн тартып, дал ушул жерге келгенге чейин, Теңирге моюн сунган жоксуң.

8 Хорепте да силер Теңирди каардантmember кансыңар, ошондо Ал каарданып, силерди кырып салгысы келген.

9 Мен Теңирдин силер менен түзгөн келишими жазылган лоокторун, таш лоокторду, алганы тоого чыгып, нан жебей, суу ичпей, ал тоодо кырк күн, кырк түн болдум.

10 Ошондо Теңир мага Өз сөөмөйү менен жазган эки таш лоокту берди. Алардын бетине силер тоого чогулуп келген күнү Теңирдин силерге от ичинен айткан сөздөрү жазылган.

11 Кырк күн, кырк түн өткөндөн кийин, Теңир мага келишим жазылган эки таш лоокту берди.

12 Анан Теңир мага: "Тоодон тезирээк түш, анткени Мисирден алып чыккан элиң бузулду. Ал Мен көрсөткөн жолдон тез эле бурулуп кетти, ал өзүнө буркан жасап алды", – деди.

13 Анан Теңир мага дагы мындай деди: "Мен бул элди билем, ал – тоң моюн эл.

14 Мени токтотпо, Мен аны жок кылам, анын атын жер үстүнөн өчүрөм. Сенден болсо андан алда канча көп, күчтүү эл чыгарам".

15 Ошондо мен тоодон кайтып келдим. Тоо болсо жалындап күйүп жатты. Келишим жазылган эки таш лоок эки колумда эле.

16 Мен силердин алтындан музоо куюп, Теңир көрсөткөн жолдон тез эле бурулуп, Кудай-Теңириңерге каршы күнөө кылганыңарды көрдүм.

17 Ошондо мен эки колумдагы эки таш лоокту силердин көзүңөрчө жерге ыргытып, талкалап салдым.

18 Анан Теңирдин алдына жыгылып, силердин Теңирге жакпаган иш кылып, Аны каардантып, күнөөгө батканыңар үчүн, мен нан жебей, суу ичпей, мурункудай эле кырк күн, кырк түн сыйындым.

19 Анткени Теңирдин каарданып, силерди жок кылып салгысы келгенинен корктум. Теңир мени бул жолу да укту.

20 Теңир Арунга да каарданып, аны өлтүргүсү келди, бирок мен ошол учурда Арун үчүн да сыйындым.

21 Силердин күнөөңөрдү – силер жасаган музоону алып, отко өрттөп салдым. Мен аны талкалап, топурактай майдалап, тоодон түшкөн сууга чачып жибердим.

22 Силер Теңирди Табейрада да, Масада да, Киброт-Атаапта да каарданттыңар.

23 Теңир силерди Кадеш-Барнейиден: "Баргыла да, Мен силерге берген жерди ээлеп алгыла", – деп жөнөткөндө, силер Кудай-Теңириңердин буйругуна каршы болдуңар, Ага ишенген жоксуңар, Анын үнүн укпай койдуңар.

24 Мен силерди билген күндөн бери силер Теңирге баш ийбей келе жатасыңар.

25 Ошондо мен Теңирдин алдына жыгылып, кырк күн, кырк түн жалынып сыйындым, анткени Теңир силерди кырып салгысы келген.

26 Мен Теңирге мындай деп сыйындым: "О Эгедер Теңирим, Өз элиңди, Өз энчиңди жок кыла көрбө, Сен ал элди улуу кудуретиң менен куткарып, Мисирден күчтүү колуң менен алып чыккансың.

27 Өзүңдүн кулдарың Ыбрайым, Ыскак, Жакыпты эстегин. Бул элдин тоң моюндугуна, бузулгандыгына, күнөөсүнө караба.

28 Сен бизди алып чыккан жерде жашагандар: «Теңир Өзү убада кылган жерге алып бара алган жок, аны жек көргөндүктөн, чөлдө өлтүрүп салыш үчүн алып чыккан», – деп айтпасын.

29 Алар Сенин элиң, Сенин энчиң, Сен аларды Өзүңдүн сунулган колуң, күчтүү билегиң менен Мисир жеринен алып чыккансың".

## 10-БӨЛҮМ

### Жаңы таш лооктор

1 Ошол учурда Теңир мага мындай деди: "Мурунку таш лоокторго окшош эки таш лоок жасагын да, тоого чыгып, Мага кел. Жыгачтан сандык жаса.

2 Ал таш лоокторго сен сындырган мурунку таш лоокторго жазылган сөздөрдү жазып берем. Сен аларды сандыкка салып кой".

3 Ошондо мен акация жыгачынан сандык жасадым да, мурункудай эки таш лоок жасап алып, тоого чыктым. Ал эки таш лоок менин колумда эле.

4 Теңир ал таш лоокторго силер чогулуп келген күнү тоодо от ичинен айткан, мурунку таш лоокторго жазылган он осуятты жазып, аларды мага берди.

5 Анан мен артка кайрылып, тоодон түшүп келдим да, Теңир мага буйругандай, таш локтор сандыкта болушу үчүн, аларды өзүм жасаган сандыкка салдым.

6 Анан Ысрайыл уулдары Бейрот-Беней-Жаакандан чыгып, Мосейрага жөнөштү. Арун ошол жерде көз жумуп, ошол жерге коюлду. Анын ордуна уулу Элазар ыйык кызмат кылуучу болду.

7 Ал жерден Гуткотко жөнөштү, Гуткоттон Жотпатка, дарыялуу жерге келишти.

8 Теңир ошол учурда Леби уруусун Өзүнүн келишим сандыгын көтөрүп жүрүшү үчүн, Өзүнүн алдына келип турушу үчүн, Өзүнө кызмат кылып, Өзүнүн атынан бата берип турушу үчүн бөлүп койду, бул ушул күнгө чейин ошондой.

9 Ошондуктан лебилерге бир туугандары менен кошо үлүш тийген жок. Кудай-Теңириң ага Өзү убада кылгандай, анын энчиси – Өзү.

10 Мен тоодо мурункудай эле кырк күн, кырк түн болдум, Теңир мени бул жолу да укту. Ошентип, Теңир сени жок кылбай турган болду.

11 Ошондо Теңир мага мындай деди: "Тур, бул элдин алдына түшүп, жолго чык. Алар барып, Мен ата-бабаларына берем деп убада кылган жерди ээлеп алышсын".

12 Ошентип, Ысрайыл, Кудай-Теңириң сенден эмнени талап кылып жатат? Теңир сенден, болгону, Кудай-Теңириңден коркушуңду, Анын жолдору менен жүрүшүңдү, Аны сүйүшүңдү, Ага чын жүрөгүң менен, жан-дилиң менен кызмат кылышыңды,

13 өзүңө жакшы болуш үчүн, мен бүгүн берип жаткан Анын мыйзамдары менен осуяттарын сакташыңды талап кылып жатат.

14 Анткени асман жана асмандардын асманы, жер жана андагынын бардыгы Кудай-Теңириңдин колунда.

15 Азыр өзүңөр көрүп тургандай, Теңир башка элдердин ичинен силердин ата-бабаларыңарды гана сүйүп, алардын тукуму болгон силерди тандап алган.

16 Ошондуктан жүрөгүңөрдү сүннөткө отургузгула, мындан ары тоң моюн болбогула.

17 Анткени силердин Кудай-Теңириңер – кудайлардын Кудайы, эгедерлердин Эгедери, улуу, кудуреттүү, коркунучтуу Кудай. Ал адамдын жүзүнө карабайт, белек албайт.

18 Ал жетим менен жесирге калыс карайт, келгинди жакшы көрүп, ага нан берип, кийим кийгизет.

19 Силер да келгинди сүйгүлө, анткени өзүңөр да Мисир жеринде келгин болгонсуңар.

20 Кудай-Теңириңден корк, жалгыз Ага кызмат кыл. Ага жабышып, Анын аты менен ант бер.

21 Ал сенин даңазаң, Ал – өз көзүң менен көргөн ошол улуу жана коркунучтуу иштерди сен үчүн кылган Кудай.

22 Сенин ата-бабаларың Мисирге жетимиш жан болуп барган, азыр болсо Кудай-Теңириң сени асмандагы жылдыздардай сансыз кылып көбөйттү.

**11-БӨЛҮМ**

**Кудайдын сөзүн аткаргандарга бата, аткарбагандарга каргыш**

1 Кудай-Теңириңди сүй, Анын аткар деп берген көрсөтмөлөрүн, мыйзамдарын, осуяттарын өмүрүң өткөнчө аткар.

2 Бүгүн билип койгула, силердин балдарыңар Кудай-Теңириңердин жазаларын, улуулугун, сунулган колу менен күчтүү билегин,

3 Мисирде Мисир падышасы фараонго, анын бүт жерине көрсөткөн кереметтери менен иштерин,

4 Мисир аскерлери силердин артыңардан кууп келгенде, аларды аттары, майдан арабалары менен кошо Кызыл деңизге чөктүрүп, толугу менен жок кылганын,

5 силер бул жерге жеткиче, чөлдө силер үчүн эмне кылганын,

6 Рубейин уулу Элийаптын уулдары Датан менен Абырамды эмне кылганын, аларды жана алардын үй-бүлөлөрүн чатырлары, болгон мал-мүлктөрү менен кошо Ысрайыл элинин көз алдында жер араанын ачып жутуп алганын билишкен эмес, көрүшкөн эмес.

7 Силер болсо Теңирдин бардык улуу иштерин өз көзүңөр менен көргөнсүңөр.

8 Күч алып, ээлегени бара жаткан жериңерди ээлеп алышыңар үчүн,

9 Теңир ата-бабаларыңарга жана алардын укум-тукумуна берем деп убада кылган, сүт менен бал аккан жерде узак жашашыңар үчүн, мен бүгүн силерге берип жаткан Анын бардык осуяттарын аткаргыла.

10 Анткени сен ээлегени бара жаткан жер сен чыккан Мисир жериндей эмес. Мисирде сен үрөн сээп, аны бутуңду тындырбай, зайтун багын сугаргандай сугарчусуң.

11 Ал эми силер ээлегени бара жаткан жер – тоолуу, өрөөндүү, жамгыр менен сугарылган жер.

12 Ал жер – Кудай-Теңириң кам көргөн жер. Кудай-Теңириңдин көзү жылдын башынан аягына чейин ошол жерде.

13 Эгерде силер Мен бүгүн берип жаткан осуяттарды уксаңар, Кудай-Теңириңерди сүйсөңөр, Ага чын жүрөгүңөр менен, жан-дилиңер менен кызмат кылсаңар,

14 анда жериңерге кеч күздөгү, эрте жаздагы жамгырды өз учурунда жаадырып турам. Ошондо сен түшүм жыйнап, жүзүм ширесин, зайтун майын алып турасың.

15 Талааңа малың үчүн чөп өстүрөм. Тамак-ашың мол болот.

16 Сак болгула, жүрөгүңөр азгырылып, четтеп кетпегиле, башка кудайларга кызмат кылып, аларга табынып кетпегиле.

17 Ошондо Теңир силерге каарданып, асманды бекитип салат да, жамгыр жаабай калат. Жер түшүм бербей калат, Теңир берип жаткан асыл жерде тез эле кырылып каласыңар.

18 Ошондуктан Менин бул сөздөрүмдү көңүлүңөргө түйүп, эсиңерден чыгарбагыла. Унутпаш үчүн, аларды колуңарга жана чекеңерге байлап алгыла.

19 Аларды балдарыңа үйрөт, аларды үйдө отурганыңда да, жолдо баратканыңда да, жатканыңда да, турганыңда да айт.

20 Аларды эшигиңдин кашектерине жана үйүңдүн дарбазасына жазып кой.

21 Ошондо асман жер үстүндө канча күн турса, Кудай-Теңириңер ата-бабаларыңарга берем деп убада кылган жерде силердин өмүрүңөр жана балдарыңардын өмүрү ошончо көп күн болот.

22 Эгерде мен силерге аткар деп берген ушул осуяттардын баарын аткарсаңар, Кудай-Теңириңерди сүйсөңөр, Анын жолдору менен жүрсөңөр жана Ага жабышсаңар,

23 анда Теңир ушул элдердин баарын силердин алдыңардан кууп чыгат. Ошондо силер өзүңөрдөн алда канча көп жана күчтүү элди басып аласыңар.

24 Таманыңар баскан жердин баары силердики болот. Чөлдөн Лебанонго чейин, Эфрат дарыясынан Жер ортолук деңизине чейин силердин жериңер болот.

25 Силерге эч ким каршы тура албайт. Кудай-Теңириңер таманыңар баскан жердин баарына Өзү айткандай коркунуч каптатат.

26 Мына, мен силерге бүгүн батаны жана каргышты сунуш кылып жатам:

27 эгерде Кудай-Теңириңердин мен бүгүн берип жаткан осуяттарын аткарсаңар, бата аласыңар;

28 эгерде Кудай-Теңириңердин мен бүгүн берип жаткан осуяттарын аткарбасаңар, жолдон чыгып, өзүңөр билбеген башка кудайларды ээрчисеңер, каргышка каласыңар.

29 Ээлеп алыш үчүн бара жаткан жериңе Кудай-Теңириң алып барганда, Гаризим тоосунда бата сөздөрүн айт, ал эми Эйбал тоосунда каргыш сөздөрүн айт.

30 Ал тоолор Иордандын аркы өйүзүндө, күн батыш тарапта, Море токоюна жакын Гилгалдын каршысындагы түздүктө жашаган канаандыктардын жеринде.

31 Анткени Кудай-Теңириңер берип жаткан жерге барып, аны ээлеп алыш үчүн, Иордандан өтөсүңөр, анан ал жерди ээлеп, анда жашап каласыңар.

32 Ошондуктан Анын мен бүгүн силерге берип жаткан көрсөтмөлөрү менен мыйзамдарын аткарганга аракет кылгыла.

**12-БӨЛҮМ**

**Кудайга табынуучу жер**

1 Ата-бабаларыңдын Кудай-Теңири энчиңе берген жерде жашап жатканыңда, өмүрүң өткөнчө аткарууга аракет кыла турган көрсөтмөлөр менен мыйзамдар мына булар:

2 силер ээлей турган жердеги элдердин бийик тоолордогу, дөңсөөлөрдөгү жана жашыл дарактардын түбүндөгү кудайларына сыйынган жерлерин жок кылгыла.

3 Алардын курмандык чалынуучу жайларын кыйраткыла, мамыларын талкалагыла, мазар теректерин өрттөгүлө, жасалма кудайларын талкалагыла, ал жерлерден алардын атын өчүргүлө.

4 Силер өзүңөрдүн Кудай-Теңириңерге алардай табынбашыңар керек.

5 Бирок Кудай-Теңириңер бардык урууларыңдын ичинен тандап алган, Анын ысымы бар болуп турган жерге кайрылгыла, ошол жерге келгиле.

6 Ошол жерге бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыгыңарды, курмандыктарыңарды, ондуктарыңарды, өйдө көтөрө турган курмандыктарыңарды, убада боюнча алып келүүчү курмандыктарыңарды, өз каалооңор боюнча алып келүүчү курмандыктарыңарды, бодо жана майда малыңардын биринчи төлүн алып келгиле.

7 Аларды ошол жерде, Кудай-Теңириңердин алдында жегиле, колуңар менен кылган, Кудай-Теңириңер батасын берген иштериңердин жемишине өз үй-бүлөңөр менен бирге кубангыла.

8 Азыр бул жерде ар бирибиз өзүбүзгө эмне туура көрүнсө, ошону кылып жатабыз, бирок силер ал жерде андай кылбашыңар керек.

9 Анткени Кудай-Теңириңер берип жаткан бейпил жерге кире элексиңер.

10 Бирок Иордандан өтүп, Кудай-Теңириңер энчиңерге берип жаткан жерге отурукташканыңарда, Теңир тегерегиңерде жашаган бардык душмандарыңардан куткарып, силерге тынчтык бергенде, бейкут жашайсыңар.

11 Ошондо Кудай-Теңириңер Өзүнүн ысымы бар болуп турушу үчүн кайсы жерди тандап алса, ошол жерге мен силерге осуяттагандардын бардыгын: бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктарыңарды, курмандыктарыңарды, ондуктарыңарды, өйдө көтөрө турган курмандыгыңарды, Теңирге убада кылган, убада боюнча алып келүүчү курмандыктарыңардын тандалмаларын алып келгиле.

12 Ошол жерде, Кудай-Теңириңердин алдында балдарыңар, кыздарыңар, кулдарыңар, күңдөрүңөр жана силердин араңарда жашаган лебилер менен бирге көңүл ачкыла, анткени лебилерге силер менен кошо үлүш бөлүнгөн эмес.

13 Байкагын, көрүнгөн жерге эле бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыгыңды алып келе бербе.

14 Урууларыңдын ичинен Теңир Өзү кайсы жерди тандап алса, ошол жерге гана алып кел. Ошол жерге бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыгыңды алып келип, мен сага осуяттагандын бардыгын жаса.

15 Бирок кайсы жерде жашасаң да, Кудай-Теңириң берген малды каалашыңча Кудай-Теңириңдин батасы менен союп жесең болот. Ал мал жейрен болобу, бугу болобу, аны таза да, таза эмес да адам жесе болот.

16 Канын гана жебегиле, аны суу төккөндөй эле жерге төгүп салгыла.

17 Эгиниңдин, шарабыңдын, зайтун майыңдын ондон бир бөлүгүн, бодо жана майда малыңдын биринчи төлүн, убада кылган, убада боюнча алып келүүчү курмандыктарыңды, өз каалооң боюнча алып келүүчү курмандыктарыңды, өйдө көтөрө турган курмандыктарыңды үйүңдө жебе.

18 Аларды Кудай-Теңириң тандап алган жерде – Теңирдин алдында балдарың, кыздарың, кулдарың, күңдөрүң жана шаарыңда жашаган лебилер менен жеп, Кудай-Теңириңдин алдында өз колуңдун эмгеги үчүн көңүл ач.

19 Байка, өзүң жашаган жерде лебилерди өмүрүң өткөнчө таштаба.

20 Кудай-Теңириң Өзү айткандай, жериңди кеңейткенде, эт жегиң келип: “Эт жегим келип жатат”, – десең, анда каалашыңча же.

21 Кудай-Теңириң Өзүнүн ысымы бар болуп турушу үчүн тандап алган жер сенден алыс болсо, анда мен буйругандай, Теңир берген бодо жана майда малыңдан союп, каалашыңча үйүңдө жей бер.

22 Бирок аларды жейрен менен бугуну союп жегендей же. Аны таза да, таза эмес да адам жесе болот.

23 Бирок канын жебе, себеби кан – бул жан. Жанын эти менен кошо жебе.

24 Канын жебе, аны суу төккөндөй эле жерге төгүп сал.

25 Теңирге жаккан иш кылгың келсе, аны жебе, ошондо өзүңө да, өзүңдөн кийинки балдарыңа да жакшы болот.

26 Теңир тандап алган жерге өзүңдүн ыйык нерселериңди жана убада боюнча алып келүүчү курмандыктарыңды гана алып келсең болот.

27 Ошол жерде бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыгыңды чал. Анын каны менен этин Кудай-Теңириңе, курмандык чалынуучу жайга алып кел. Бирок башка курмандыктарыңдын канын Кудай-Теңириңе курмандык чалынуучу жайдын жанына төгүп сал, этин болсо же.

28 Кудай-Теңириңе жаккан жакшы иштерди кылам десең, өзүңө жана өзүңдөн кийинки балдарыңа түбөлүккө жакшы болсун десең, анда мен айтып жаткан ушул сөздөрдүн баарын угуп, аткар.

29 Сен ээлегени бара жаткан жердеги элдерди Кудай-Теңириң сенин алдыңдан жок кылганда, ал жерлерди ээлеп алып, отурукташып каласың.

30 Ошондо сак бол, аларды жок кылгандан кийин, алардын жолун жолдоп, торго түшүп калба, алардын кудайларын издеп, “Бул элдер өз кудайларына кандай табынышса, мен да ошондой табынам” дебе.

31 Кудай-Теңириңе андай кылба, анткени алар өз кудайларына Теңир жийиркенген, жек көргөн нерселерди кылышат. Алар кудайларына арнап балдары менен кыздарын отко өрттөшөт.

32 Мен осуяттагандардын бардыгын аткарганга аракет кылгыла. Аларга эч нерсе кошпогула да, алардан эч нерсе албагыла.

## 13-БӨЛҮМ

### Жалган пайгамбарларды айырмалай билүү жана аларды жазалоо

1 Эгерде силердин араңардан пайгамбар же түш жоругуч чыгып, силерге жышаан же керемет көрсөтө турган болсо,

2 ал айткан жышаан же керемет аткарылса, анан ал: “Жүр, сен билбеген башка кудайларга барабыз, ошолорго табынабыз”, – дей турган болсо,

3 анда ал пайгамбардын же ал түш жоругуч адамдын сөздөрүн укпа, анткени Кудай-Теңириңер Өзүн чын жүрөгүңөр, жан-дилиңер менен сүйөр-сүйбөсүңөрдү билиш үчүн, силерди ушул аркылуу сынап жатат.

4 Кудай-Теңириңердин жолу менен жүргүлө, Андан корккула. Анын осуяттарын аткаргыла, Анын үнүн уккула, Ага кызмат кылгыла, Ага жабышкыла.

5 Силерди Мисир жеринен алып чыгып, кулчулуктан куткарган Кудай-Теңириңерден четтөөгө үндөгөнү үчүн, Кудай-Теңириң осуяттаган жолдон чыгарууга аракет кылганы үчүн, ал пайгамбарды же түш жоругучту өлүм жазасына тартуу керек. Өз ичиңдеги жамандыкты ушинтип жок кыл.

6 Эгерде сени бир тууганың, энеңдин уулу, же уулуң, же кызың, же жаныңда жаткан аялың, же жаныңдай көргөн жан досуң: “Жүр, сен да, ата-бабаларың да билбеген башка кудайларга табынабыз”, – деп,

7 сенин тегерегиңдеги, жакын же алыс жашаган, жердин бир четинен экинчи четине чейин жашаган элдердин кудайларына жашыруун азгырса,

8 анда ага макул болбо, анын сөзүн укпа. Аны кечирбе, аяба, жашырып койбо.

9 Аны өлтүрүп сал. Аны өлтүрүүгө баарынан мурун сен кол көтөрүшүң керек, андан кийин бүт эл кол көтөрсүн.

10 Аны таш бараңга алып өлтүр, анткени ал сени Мисир жеринен, кулчулуктан алып чыккан Кудай-Теңириңден алыстатууга аракет кылды.

11 Муну бүткүл Ысрайыл эли угуп, коркуп калат да, ошондон кийин сенин ичиңде андай жамандыкты кылбай калат.

12 Эгерде Кудай-Теңириң сага жашаганга берип жаткан шаарлардын биринен,

13 сенин элиңдин ичинен бузулган адамдар чыгып, шаардын тургундарын азгырып: "Жүргүлө, силер билбеген башка кудайларга табынабыз", – дегенин уксаң,

14 анда издеп, иликтеп, жакшылап сура. Эгерде бул жийиркеничтүү иш араңарда чыны менен болсо,

15 анда ал шаардын тургундарын кылычтап кырып сал, малын, эмнеси болсо, ошонун бардыгын жок кыл.

16 Бардык олжону аянттын ортосуна чогулт, шаарды бардык олжо менен кошо Кудай-Теңириңе арнап бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык катары өрттөп сал. Ал шаар түбөлүккө урандыга айлансын, эч качан кайрадан курулбасын.

17 Каргышка калган нерселерден эч нерсе алба, ошондо Теңир Өзүнүн каарын токтотуп, ата-бабаларыңа убада кылгандай, сага ырайым кылып, укумдатып-тукумдатып көбөйтөт.

18 Эгерде Кудай-Теңириңди уксаң, мен бүгүн сага берип жаткан осуяттардын бардыгын аткарсаң, Теңирге жаккан иштерди кылсаң, Ал ушул айткандарын аткарат.

**14-БӨЛҮМ**

**Бутпарастардын аза күтүү салттарын тыюу жөнүндө**

1 Силер Кудай-Теңириңердин балдарысыңар. Өлгөндөр үчүн аза күткөнүңөрдү билдирип, денеңерге так салбагыла, чачыңарды кыркпагыла.

2 Анткени сен Кудай-Теңириңдин ыйык элисиң. Сени Теңир жер үстүндөгү бардык элдердин ичинен Өз эли болушуң үчүн тандап алган.

**Тамак жөнүндө мыйзам**

3 Эч кандай арам нерсе жебегиле.

4 Силер жей турган мал мына булар: уй, кой, эчки,

5 бугу, жейрен, топоз, элик, зубр, багыш, тоо теке.

6 Ача туяктуу, салаасы терең, кепшеген жаныбарларды жесеңер болот.

7 Бирок кепшеген, ача туяктуу, салаасы терең жаныбарлардын ичинен төөнү, коёнду, суурду жебегиле, анткени алар кепшегени менен, ача туяктуу эмес, силер үчүн алар арам болуп эсептелет.

8 Чочкону да жебегиле, анткени ал ача туяктуу болгону менен кепшебейт. Ал силер үчүн арам. Алардын этин жебегиле, өлүгүнө колуңарды тийгизбегиле.

9 Сууда жашаган жаныбарлардын ичинен сүзө турган канаты жана кабырчыгы бар жаныбарлардын бардыгын жесеңер болот.

10 Ал эми канаты менен кабырчыгы жок жаныбарларды жебегиле. Алар силер үчүн арам.

11 Адал канаттуулардын баарын жегиле.

12 Бирок алардын ичинен буларды жебешиңер керек: бүркүт, жору, суу бүркүтү,

13 кулаалы, шумкар, ылаачын жана анын түрлөрү,

14 карга жана анын түрлөрү,

15 төө куш, үкү, чардак, туйгун жана анын түрлөрү,

16 чекир көз үкү, ибис, ак куу,

17 биргазан, ак кажыр, балыкчы куш,

18 көк кытан, илегилек жана анын түрлөрү, сасык үпүп, жарганат.

19 Канаты бар курт-кумурскалардын баары силер үчүн арам. Аларды жебегиле.

20 Адал канаттуулардын баарын жегиле.

21 Эч бир жаныбардын өлүгүн жебегиле. Аны силердин араңарда жашаган бөтөн жерликке бер, ошол жесин, же ошого сат, анткени сен Кудай-Теңириңдин ыйык элисиң. Улакты энесинин сүтүнө бышырба.

**Ондук жөнүндө мыйзам**

22 Жыл сайын алган түшүмүңдүн ондон бир бөлүгүн бөлүп кой.

23 Кудай-Теңириң Өзүнүн ысымы бар болуп турушу үчүн тандап алган жерде эгиниңдин, жүзүмүңдүн ширесинин, зайтун майыңдын ондон бир бөлүгүн, бодо жана майда малыңдын биринчи төлүн же, Кудай-Теңириңден өмүрүң өткөнчө коркуп жүрүүнү ошентип үйрөнөсүң.

24 Кудай-Теңириң Өзүнүн ысымы бар болуп турушу үчүн, сага батасын бериш үчүн тандап алган жер сенден алыс болуп, ушуларды алып бара албасаң, сен үчүн жол алыс болсо,

25 анда аларды күмүшкө алмаштырып, Кудай-Теңириң тандап алган жерге алып кел.

26 Ал жерден күмүштөрүңө эмне кааласаң, ошону: өгүз болобу, кой болобу, шарап болобу, күчтүү ичимдик болобу, сатып ал. Аларды Кудай-Теңириңдин алдында үй-бүлөң менен бирге ичип-жеп көңүл ач.

27 Сени менен жашаган лебилерди таштаба, анткени алар сени менен бирге үлүш алышкан жок.

28 Үч жыл өткөндөн кийин, ошол жылы алган түшүмүңдүн ондон бир бөлүгүн кампаларыңа сал.

29 Аны лебилер келип алсын, анткени аларга сени менен кошо үлүш бөлүнгөн жок. Сенин жаныңда жашаган келгиндер, жетимдер, жесирлер тойгончо жешсин, ошондо Кудай-Теңириң ар бир ишиңе батасын берет.

**15-БӨЛҮМ**

**Жетинчи жыл**

1 Жетинчи жылы кечирим кыл.

2 Кечирим төмөнкүлөрдү камтыйт: жакынына же бир тууганына карыз берген ар бир адам карызын кечирсин, төлөтүп албасын, анткени ал кечирим Теңир үчүн жарыяланган.

3 Бөтөн жерликтен төлөтүп ал, ал эми бир тууганыңа берген карызыңды кечир.

4 Сен жашаган жерде жакырлар болбойт, анткени мурастап алышың үчүн энчиңе берип жаткан жерге Кудай-Теңириң батасын берет.

5 Эгерде бүгүн мен сага берип жаткан осуяттардын бардыгын аткарып, Кудай-Теңириңдин үнүн уга турган болсоң,

6 Кудай-Теңириң Өзү айткандай, батасын берет, ошондо сен көп элдерге карыз бересиң, өзүң карыз албайсың. Көп элдерге үстөмдүк кыласың, алар сага үстөмдүк кылышпайт.

7 Эгерде Кудай-Теңириң сага берип жаткан жерде сага жакын жашаган бир туугандарыңдын ичинен кимдир бирөө жакыр болсо, анда жакыр бир тууганыңа таш боор болбо, колуңду жумба.

8 Колуңду ачып, анын муктаждыгына жараша карыз бер.

9 Сак бол, сага “Жетинчи жыл жакындап келе жатат, ал – кечирим жылы” деген жаман ой келип, жакыр бир тууганыңа кайрымсыз болуп, кечирим кылбай койбо, болбосо ал сага нааразы болуп, Теңирге боздоп жиберет, ошондо сен күнөөкөр болуп каласың.

10 Ага карыз бер, карыз берип жатканда, ичиң оорубасын. Ошондо Кудай-Теңир сенин бардык иштериңе, кыла турган иштериңе батасын берет.

11 Анткени жардылар сенин жериңде дайыма болот, ошондуктан мен сага буйрук кылам: өз жериңдеги бир тууганыңа, жакырга колуң дайыма ачык болсун.

12 Эгерде сенин бир тууганың эврей же эврей аял өзүн сага сата турган болсо, анда ал сага алты жыл кул болсун, ал эми жетинчи жылы аны боштондукка чыгар.

**Кулдар жөнүндө**

13 Сен аны боштондукка чыгарганыңда, куру кол чыгарба.

14 Ага Кудай-Теңириң батасын берген малыңдан, эгиниңден, жүзүмүңдүн ширесинен бер.

15 Сен да Мисир жеринде кул болгонуңду, Кудай-Теңириң сени куткарып алганын эсиңден чыгарба. Ошондуктан мен ушуну бүгүн сага осуяттап жатам.

16 Ал кул сенин үйүңдө жакшы жашагандыктан, сага: “Сеникинен кетпейм, себеби мен сени жана сенин үйүңдү жакшы көрөм”, – десе,

17 анда шибеге алып, ал кулду эшиктин кашегине алып барып, кулагын көзөп кой. Ошондо ал түбөлүккө сенин кулуң болуп калат. Күңүңдү да ошондой кыл.

18 Аны боштондукка чыгаруу сен үчүн оор болбосун, анткени ал сага алты жылдын ичинде жалданма жумушчудан эки эсе көп иштеп берди. Ошондо сенин кыла турган ишиңдин бардыгына Кудай-Теңириң батасын берет.

**Биринчи төл жөнүндө**

19 Бодо жана майда малыңдын биринчи эркек төлүнүн бардыгын Кудай-Теңириңе арна. Өгүздүн биринчи төлүн жумушка чекпе, майда малыңдын биринчи төлүн кыркпа.

20 Аларды Теңир тандап алган жерде жыл сайын үй-бүлөң менен союп же.

21 Эгерде алардын кемчилиги болсо, аксак же сокур болсо, же башка кемчилиги болсо, анда андай малды Кудай-Теңириңе курмандыкка чалба.

22 Аны өз үйүңдө же. Жейрендин же бугунун этин жегендей эле, аны таза эмес да, таза да адам жей берсе болот.

23 Анын канын гана жебе, аны суу төккөндөй эле жерге төгүп сал.

**16-БӨЛҮМ**

**Пасах майрамын өткөрүү жөнүндө**

1 Абыт айын эсиңден чыгарба, ушул айда Кудай-Теңириңе арнап Пасах майрамын өткөр, себеби Кудай-Теңириң сени Мисирден Абыт айында, түн ичинде алып чыккан.

2 Теңириң Өзүнүн ысымы бар болуп турушу үчүн тандап алган жерде Кудай-Теңириңе арнап, Пасах курмандыгына бодо же майда малдан сой.

3 Аны ачыган нерсе менен жебе, аны “оор күндүн наны” деп аталган ачыткысыз нан менен жети күн же, анткени сен Мисир жеринен шашылыш чыккансың, Мисир жеринен чыккан күндү өмүрүң өткөнчө эсиңден чыгарба.

4 Жети күн бою сенин жериңде эч кимдин үйүндө ачыган нерсе болбосун, биринчи күнү кечинде алып келген курмандыгыңдын этинен эртең мененкиге калбасын.

5 Теңириң берген жерде жашап жатканыңда, Пасах курмандыгын өзүң каалаган жерде сойбо.

6 Пасах курмандыгын күн батканда, Мисирден кайсы убакта чыксаң, так ошол убакта, Кудай-Теңириң Өзүнүн ысымы бар болуп турушу үчүн тандап алган жерде гана сой.

7 Аны бышырып, Кудай-Теңириң тандап алган жерде же, эртеси үйүңө кайтып кел.

8 Алты күн бою ачыткысыз нан же, ал эми жетинчи күндү Кудай-Теңириңе арнап майрамда. Эч кандай жумуш кылба.

**Жумалар майрамы жана Алачыктар майрамы жөнүндө**

9 Түшүм жыйнай баштаган күндөн тартып жети жума эсепте.

10 Анан Кудай-Теңириңе арнап Жети күндүк майрам өткөр. Кудай-Теңириңдин бергенине жараша, Ага өз каалооң менен бер.

11 Кудай-Теңириң Өзүнүн ысымы бар болуп турушу үчүн тандап алган жерде балаң, кызың, кулуң, күңүң менен, силер менен жашаган лебилер менен, араңарда жашаган келгиндер, жетимдер, жесирлер менен бирге көңүл ачкыла.

12 Мисирде кул болгонуңду эсиңден чыгарба жана бул мыйзамдарды аткар.

13 Эгиниңди жыйнап, жүзүмүңдүн ширесин алганда, жети күн Алачыктар майрамын өткөр.

14 Бул майрамда балаң, кызың, кулуң, күңүң, сени менен жашаган лебилер, келгиндер, жетимдер, жесирлер менен бирге көңүл ач.

15 Кудай-Теңириң Өзү тандап алган жерде Кудайыңа арнап жети күн майрам өткөр, ошондо сенин ала турган түшүмүңө, бардык иштериңе Кудай-Теңириң батасын берет, сен болсо көңүл ачасың.

16 Жылына үч жолу эркек аттуунун баары Кудай-Теңириң Өзү тандап алган жерге келиши керек. Ачыткысыз нан майрамында, Жумалар майрамында жана Алачыктар майрамында Теңирдин алдына эч ким куру кол келбесин.

17 Ар кимиңер Кудай-Теңириңердин берген батасына жараша алып келгиле.

18 Элге адилет өкүм чыгарып турушу үчүн, Кудай-Теңир берген жерлерге ар бир уруудан башкаруучулар менен көзөмөлдөөчүлөрдү дайында.

19 Мыйзамды бурмалаба, адамдын жүзүнө караба, пара алба, анткени пара акылдуулардын көзүн тунартат, адилеттүүлөрдүн ишин бурмалайт.

20 Адилет болууга, адилет болууга умтул, ошондо Кудай-Теңириң берип жаткан жерди ээлеп жашайсың.

21 Кудай-Теңириңе арнап курган курмандык чалынуучу жайдын жанына мазар теректерди отургузба.

22 Кудай-Теңириң жек көргөн мамыларды орнотпо.

**17-БӨЛҮМ**

**Кудайга кемчилиги бар курмандыктарды алып келбөө жөнүндө**

1 Кудай-Теңириңе кемчилиги бар, же болбосо бир жаман нерсеси бар малды, өгүз болобу, кой болобу, курмандыкка алып келбегиле, анткени бул Кудай-Теңириң үчүн жийиркеничтүү.

2 Эгерде Кудай-Теңириң берип жаткан жерлердин биринде силердин араңардан эркек же аял Кудай-Теңириңдин келишимин бузуп, Ага жакпаган ишти кыла турган болсо,

3 же мен тыюу салган башка кудайларды ээрчип, ага табына турган болсо, же күнгө, же айга, же асман күчтөрүнө таазим кыла турган болсо,

4 сага ушинтип айтып келишсе, ушундайды уксаң, анда оболу жакшылап иликте. Эгерде Ысрайылда ушундай жийиркеничтүү иштин болгону чын болсо,

5 анда ушундай жийиркеничтүү ишти кылган эркекти же аялды дарбазанын алдына алып чыгып, таш бараңга алып өлтүр.

6 Ал эки же үч күбөнүн сөзү менен өлүм жазасына тартылууга тийиш. Өлүм жазасына бир күбөнүн сөзү менен тартылбасын.

7 Аны өлтүрүүгө күбөлөр биринчи кол көтөрүшсүн, анан бардык эл кол көтөрүшү керек. Өз ичиңдеги жийиркеничтүү ишти мына ушинтип жок кыл.

**Бийлик башындагыларга баш ийүү жөнүндө**

8 Бирөөнү бирөө өлтүрүп койгондо, бирөө менен бирөө чатакташа кеткенде, бирөөнү бирөө сабап, денесине зыян келтиргенде, ал ишти чечүү сен үчүн кыйын болсо, дарбазаңдын алдында пикир келишпестик болсо, анда Кудай-Теңириң тандап алган жерге барып,

9 ошол убактагы ыйык кызмат кылуучу лебилерге жана башкаруучуларга кайрыл, алар сага эмне кылууну айтып беришет.

10 Теңир тандап алган жерде алар кандай айтса, ошондой кыл, алар кандай буйрук берсе, ошонун баарын аткарууга аракет кыл.

11 Алар үйрөткөн мыйзам боюнча, алар берген көрсөтмө боюнча кыл, алардын айтканынан оңго да, солго да бурулба.

12 Ким Кудай-Теңириңдин алдында кызмат кылып жаткан ыйык кызмат кылуучуну же башкаруучуну текеберденип укпай койсо, ал өлүшү керек. Ысрайыл элиндеги жамандыкты ушинтип жой.

13 Муну бардык эл угуп, коркуп калат. Ошондон кийин текеберденбей калышат.

14 Кудай-Теңириң берип жаткан жерге барып, аны ээлеп, ага отурукташканыңда: “Тегерегимде жашаган башка элдер сыяктуу эле өзүмө падыша коём”, – дей турган болсоң,

15 анда өзүңө Кудай-Теңириң тандаган падышаны кой, падышаны бир туугандарыңдын арасынан танда. Падышаны сенин бир тууганың болбогон, бөтөн жерликтен койбо.

16 Бирок ал падыша өзүнө жылкы көбөйтүп албасын, өзүнө жылкы көбөйтүш үчүн, элди Мисирге жибербесин, анткени Теңир силерге: “Мындан ары ал жол менен баспагыла”, – деген.

17 Ал падыша көп аял алып жүрөгү бузулбасын. Алтын-күмүштү ашык жыйнабасын.

18 Ал падышачылык тактыга отурганда, ыйык кызмат кылуучу лебилердин китебинен мыйзамдарды көчүрүп алсын.

19 Ал китеп анын колунда болсун, өмүрү өткөнчө окусун. Кудай-Теңиринен коркууга үйрөнсүн, ошол мыйзамдар менен көрсөтмөлөрдүн бардыгын аткарууга аракеттенсин.

20 Өзүн бир туугандарынан жогору койбосун. Мыйзамдан оңго да, солго да бурулбасын, ошондо ал өзү да, анын уулдары да Ысрайылда көп жыл падышачылык кылышат.

**18-БӨЛҮМ**

**Ыйык кызмат кылуучулардын үлүшү жөнүндө**

1 Ыйык кызмат кылуучу лебилерге, Лебинин бардык укум-тукумуна Ысрайыл менен бирге үлүш бөлүнгөн эмес. Алар Теңирге арналган курмандыктардан жана Анын үлүшүнөн азыктанышсын.

2 Бир туугандарынын арасынан аларга үлүш тийбейт. Теңир Өзү айткандай, алардын үлүшү – Теңирдин Өзү.

3 Элдин курмандыкка алып келген өгүздөрү менен койлорунун этинен ыйык кызмат кылуучуларга мына булар тиешелүү: далы, жаак, карын.

4 Ошондой эле эгинден, жүзүмдөн, зайтун майынан алган биринчи түшүмүңдү жана койлоруңдун алгачкы кырккан жүнүн ыйык кызмат кылуучуга алып кел.

5 Анткени Кудай-Теңириң бардык урууларыңдын ичинен аны жана анын уулдарын Кудай-Теңирдин алдында өмүрү өткөнчө кызмат кылышы үчүн тандап алган.

6 Эгерде бир леби Ысрайылдагы шаарларыңдын биринен, өзү жашаган жерден Теңир тандап алган жерге өз каалоосу менен келип,

7 ал жерде, Теңирдин алдында кызмат кылып жаткан леби бир туугандарына окшоп, Кудай-Теңирине кызмат кылса,

8 анда атасынан калган мал-мүлктү сатканда түшкөн акчасы бар болгонуна карабастан, алар сыяктуу эле өз тиешесин алсын.

**Жалган кудайларга табынууга тыюу салуу**

9 Кудай-Теңириң берип жаткан жерге барганда, ошол жердеги элдер кылган жийиркеничтүү иштерди кылба.

10 Сенин элиңде уулун же кызын отко салгандар, көзү ачыктар, төлгөчүлөр, көз боочулар, бүбү-бакшылар,

11 эмчи-домчулар, өлгөндөрдүн рухун чакыруучулар, сыйкырчылар, өлгөндөрдүн руху менен сүйлөшкөндөр болбосун.

12 Анткени муну кылгандар Теңирдин алдында жийиркеничтүү. Ошондуктан бул жийиркеничтүү иштер үчүн Кудай-Теңириң аларды сенин алдыңдан кууп чыгып жатат.

13 Кудай-Теңириңдин алдында кемчиликсиз бол.

14 Анткени сен кууп чыгып жаткан бул элдер көзү ачыктардын, сыйкырчылардын сөзүн угушат. Сага болсо Кудай-Теңириң алардын кылганын кылууга уруксат берген эмес.

**Машайак жөнүндөгү пайгамбарчылык**

15 Кудай-Теңириң сенин элиңден, сенин бир туугандарыңдын ичинен мендей пайгамбар чыгарат. Ошону уккула.

16 Силер Хорепке чогулуп келген күнү: “Өлүп калбашыбыз үчүн Кудай-Теңирибиздин үнүн мындан ары укпайлы, Анын бул улуу отун мындан ары көрбөйлү”, – деп, Кудай-Теңириңерден өтүнгөндүктөн,

17 Теңир мага мындай деди: “Алардын айткан сөзү жакшы.

18 Мен алардын бир туугандарынын ичинен сендей пайгамбар чыгарам. Анын оозуна Өзүмдүн сөздөрүмдү салам, ошондо ал Мен буйрук кылгандардын баарын аларга айтып берет.

19 Менин атымдан сүйлөгөн ошол пайгамбар айткан Менин сөздөрүмдү укпаган адамды Мен жазалайм.

**Пайгамбарларды айырмалай билүү**

20 Мен буйрук кылбаганды Менин атымдан сүйлөөгө батынган, башка кудайлардын атынан сүйлөгөн пайгамбарды өлүм жазасына тарткыла”.

21 Эгерде ичиңден: “Ал сөздөрдү Теңир айтпаганын кантип билебиз?” – десең, анда мындан бил:

22 эгерде бир пайгамбар Кудайдын атынан сүйлөсө, бирок ал сөз ордунан чыкпаса, аткарылбаса, анда ал сөздү Теңир айткан эмес, аны пайгамбар текебердигинен улам айткан. Анда андан коркпо.

**19-БӨЛҮМ**

**Баш калкалай турган шаарлар жөнүндө**

1 Кудай-Теңириң сага берип жаткан жердеги элдерди жок кылганда, сен алардын жерлерин ээлеп, алардын шаарларына, үйлөрүнө отурукташканыңда,

2 Кудай-Теңириң сага ээлик кылышың үчүн берип жаткан жердин ортосунан үч шаарды бөлүп кой.

3 Ошол шаарларга барчу жол салып, Кудай-Теңириң энчиңе берип жаткан жерди үчкө бөл. Алар киши өлтүргөн адамдар баш калкалай турган шаарлар болот.

4 Ал шаарларга төмөнкүдөй шартта киши өлтүргөн адамдар качып барып тирүү калышат: ким мурун кас болбой туруп, өз жакынын кокусунан өлтүрүп алса,

5 ким өз жакыны менен отун кыюуга токойго барып, карагайга шилтеген балтанын башы чыгып кетип, жакынына тийип, ал өлүп калса, анда ал киши тирүү калыш үчүн, баш калкалоочу шаарлардын бирине качып барсын.

6 Эгерде ал шаарларга жол алыс болсо, кан кууган адам киши өлтүргөн адамдын артынан кууп жетип, ачууга алдырып, аны өлтүрүп койбосун. Анткени ал өлүм жазасына тартылбашы керек, себеби өлтүрүп алган адамына мурун кас болгон эмес.

7 Ошондуктан мен сага: “Үч шаарды бөлүп кой”, – деп буйрук кылып жатам.

8 Кудай-Теңириң сенин ата-бабаларыңа убада кылгандай, сенин жериңди кеңейтип, ата-бабаларыңа убада кылган жерлердин бардыгын колуңа бергенде,

9 өмүрүң өткөнчө Кудай-Теңириңди сүйүп, Анын жолунда жүрүп, мен бүгүн сага берип жаткан ушул осуяттарды аткарууга аракеттене турган болсоң, анда бул үч шаарга дагы үч шаар кошуп ал.

10 Кудай-Теңириң сенин энчиңе берип жаткан жерде сенин мойнуңда кан калбас үчүн, сенин жериңде айыпсыз адамдардын каны төгүлбөсүн.

11 Ким өз жакынына кас болуп, жашырынып барып, атайылап кол салып аны өлтүрүп, баш калкалоочу шаарлардын бирине качып барса,

12 анда шаар аксакалдары аны ал шаардан алып келүүгө кишилерин жөнөтүп, аны кан кууган адамдын колуна салып беришсин, ал өлүм жазасына тартылсын.

13 Ага ырайым кылба. Ысрайылдан айыпсыздын канын жууп сал, ошондо сага жакшы болот.

14 Кудай-Теңириң сага ээлик кылышың үчүн берген, сага тийген жерде ата-бабаларың койгон жакыныңдын чегин бузба.

15 Айыпка жыгылган адамга, же кылмыш кылган адамга, же күнөө кылган адамга бир күбө жетишсиз. Иш эки же үч күбөнүн сөзү боюнча каралышы керек.

16 Ким бирөөнү кылмыш кылды деп айыптап, жалган күбө болсо,

17 анда ортосунда талаш-тартышы бар эки киши тең Теңирдин алдына, ошол убактагы ыйык кызмат кылуучулар менен башкаруучулардын алдына келсин.

18 Башкаруучулар жакшылап териштиришсин. Эгерде ал күбө өз бир тууганына жалган жалаа жапкан болсо,

19 анда өз бир тууганына ойлогон жамандыкты анын өзүнө жасагыла. Өз ичиңдеги жамандыкты ушинтип жок кыл.

20 Ошондо башкалар угуп, коркуп калышат да, ошондон кийин сенин ичиңде ошондой жамандыкты кылышпайт.

21 Ага бооруң ачыбасын. Жанга жан, көзгө көз, тишке тиш, колго кол, бутка бут болсун.

**20-БӨЛҮМ**

**Согуш жөнүндө**

1 Душманга каршы согушка чыкканыңда, алардын аттары менен майдан арабалары, эли сеникинен алда канча көп экенин көргөнүңдө, алардан коркпо, анткени сени Мисир жеринен алып чыккан Кудай-Теңириң сени менен.

2 Согушка кирериңерде, ыйык кызмат кылуучу келип, элге кайрылып, мындай десин:

3 "Кулак сал, Ысрайыл! Силер бүгүн душмандарыңар менен согушасыңар. Жүрөгүңөр опколжубасын, тынчсызданбагыла, коркпогула.

4 Анткени Кудай-Теңириңер силердин душмандарыңар менен салгылашыш үчүн, силерди сакташ үчүн, силер менен бара жатат".

5 Көзөмөлдөөчүлөрүңөр болсо элге мындай деп айтышсын: "Ким үй салып, ага кире элек болсо, ал үйүнө кайтсын, себеби ал согушта өлүп калса, башка бирөө кирип алат.

6 Ким жүзүмзар отургузуп, анын түшүмүн жыйнай элек болсо, ал үйүнө кайтсын, себеби ал согушта өлүп калса, башка бирөө анын түшүмүн жыйнап алат.

7 Ким убадалашып коюп үйлөнө элек болсо, согушта өлүп калбашы үчүн, колуктусун башка бирөө алып албашы үчүн, үйүнө кайтсын”.

8 Көзөмөлдөөчүлөр элге дагы мындай деп айтышсын: “Ким коркок, суу жүрөк болсо, ал бир туугандарын майтарылтпаш үчүн, үйүнө кайтсын”.

9 Көзөмөлдөөчүлөр булардын баарын элге айтып бүткөндөн кийин, элге аскер башчыларды дайындашы керек.

10 Шаарды басып алганы жакындаганыңда, ага тынчтык сунуш кыл.

11 Эгерде ал сени менен тынчтык келишимин түзүүгө макул болуп, сага дарбазасын ачып берсе, анда шаарда жашаган бардык эл сага салык төлөп, кызмат кылсын.

12 Эгерде ал тынчтык келишимин түзүүгө макул болбой, сени менен согуша турган болсо, анда шаарды курча.

13 Кудай-Теңириң аны сенин колуңа салып бергенде, ал жердеги эркек аттуунун баарын кылычтап кырып сал.

14 Кудай-Теңириң колуңа салып берген душманыңдын шаарындагы аялдарды, балдарды, малды, болгон дүнүйөсүн алып пайдалан.

15 Ал элдерге караштуу эмес, сенден өтө алыс жайгашкан шаарларды да так ушундай кыл.

16 Ал эми Кудай-Теңириң сенин энчиңе берип жаткан мына бул элдердин шаарларында жашаган адамдардын бирин да тирүү калтырба.

17 Кудай-Теңириң буйругандай, хеттиктерди, аморлуктарды, канаандыктарды, перездиктерди, хибиликтерди, жебустуктарды кырып сал.

18 Алар силерди өз кудайларына табынуу учурунда кылган жийиркеничтүү иштерине үйрөтпөшү үчүн, Кудай-Теңириңердин алдында күнөө кылбашыңар үчүн, аларды кырып салгыла.

19 Эгерде бир шаарды басып алыш үчүн, курчоодо көпкө кармап турсаң, анда жемиши желе турган дарактарына тийбе, аларды кыйба, анткени талаадагы дарактар сенден качып жашынгыдай, адам эмес.

20 Өзүң билген, жемиши жегенге жарабаган дарактарды гана кыйып, кулатсаң болот. Алардан сени менен салгылашып жаткан шаарларга каршы чептерди курсаң болот.

**21-БӨЛҮМ**

**Киши колдуу болуп өлгөн адам жөнүндө**

1 Эгерде Кудай-Теңириң энчиңе берип жаткан жерде талаадан ким өлтүргөнү белгисиз адам табылса,

2 анда аксакалдар менен башкаруучулар барып, өлтүрүлгөн кишинин тегерегиндеги шаарларга чейинки аралыкты өлчөп чыгышсын.

3 Өлтүрүлгөн кишиге жакын жайгашкан шаардын аксакалдары мойнуна моюнтурук салына элек, жумушка чегиле элек кунажынды алып келишсин.

4 Ал шаардын аксакалдары ал кунажынды айдалбаган, үрөн себилбеген ээн талаага жетелеп барып, ошол жерде союшсун.

5 Ал жерге Лебинин ыйык кызмат кылуучу уулдары келишсин.

6 Өлтүрүлгөн кишиге жакын жайгашкан шаардын бардык аксакалдары талаада союлган, мойну сындырылган кунажындын үстүнө колдорун жуушсун.

7 Анан мындай деп жарыялашсын: "Бул канды биздин колубуз төккөн жок жана биздин көзүбүз көргөн жок.

8 Теңир, Өзүң куткарып алган Ысрайыл элиңди тазала. Айыпсыз бирөөнүн канын Өз элиң Ысрайылдын мойнуна жүктөбө". Ошондо алар төгүлгөн кандын кунунан кутулушат.

9 Теңирдин алдында ак ниет жана адилет болгуң келсе, айыпсыздын канын өзүңдөн ушундай кылып жуушуң керек.

**Туткундалып келген аялдар жөнүндө**

10 Душмандарыңа каршы согушка чыкканыңда, Кудай-Теңириң аларды сенин колуңа салып берип, аларды туткунга алганыңда,

11 туткундардын арасынан сулуу аялды көрүп жактырып калып, аны алгың келсе,

12 анда аны үйүңө алып кел. Ал чачын кырдырып, тырмактарын алсын.

13 Туткунга түшкөндөгү кийимдерин чечип, сенин үйүңдө жашап калсын. Анан бир ай бою атасы менен энесин жоктоп ыйласын. Ошондон кийин гана сен ага жакындап, күйөөсү боло аласың, ал сенин аялың болуп калат.

14 Эгерде ошондон кийин ал сага жакпай калса, каалаган жагына коё бер, бирок күмүшкө сатпа, күң кылып салба, себеби сен ага зордук менен жакындагансың.

**Тунгучтук жөнүндө**

15 Кимдин эки аялы болсо, алардын бири сүйгөн аялы, экинчиси сүйбөгөн аялы болсо, сүйгөн аялы да, сүйбөгөн аялы да ага эркек балдарды төрөп беришсе, тун уулу сүйбөгөн аялынан болсо,

16 анда ал өз уулдарына энчи бөлүштүргөндө, сүйбөгөн аялынын тун уулунун алдында сүйгөн аялынын уулуна тунгучтукту бере албайт.

17 Бирок сүйбөгөн аялы төрөгөн уулду тун уулум деп эсептеп, колунда болгон мал-мүлкүнөн ага сүйгөн аялынын тун уулуна бергенинен эки эсе көп берсин, анткени ал – анын күч-кубатынын башаты, туну.

**Ээнбаш балдар жөнүндө**

18 Кимдин уулу ээнбаш, тентек чыкса, атасынын да, энесинин да тилин албаса, алар аны жазаласа да тил албаса,

19 анда атасы менен энеси аны кармап, шаар аксакалдарына, дарбаза алдына алып келип,

20 өздөрүнүн шаарынын аксакалдарына мындай дешсин: “Биздин бул балабыз тентек, ээнбаш чыкты, сөзүбүздү укпайт, жатып ичер, аракеч”.

21 Ошондо шаардын эли аны таш бараңга алып өлтүрсүн. Өз ичиңен жамандыкты ушинтип жок кыл, муну ысрайылдыктар угуп, коркуп калышат.

**Адеп-ахлак мыйзамдары**

22 Эгерде кимдир бирөө өлүмгө татыктуу күнөө кылса, аны өлтүргөндөн кийин, жыгачка асып ташта.

23 Бирок анын өлүгүн жыгачка түнөтпөй, ошол эле күнү көмүп сал, анткени жыгачка асылган ар бир адам Кудайдын алдында каргышка калган. Кудай-Теңириң энчиңе берип жаткан жерди булгаба.

**22-БӨЛҮМ**

1 Бир тууганыңдын жоголуп кеткен өгүзүн же коюн таап алсаң, аны таштап салбай, бир тууганыңа кайтарып бер.

2 Эгерде малдын ээси алыс жашаса, же анын ким экенин билбесең, анда ал малды өз үйүңө алып кел. Малдын ээси өзү издеп келгиче, үйүңдө кармап тур, анан кайтарып бер.

3 Жакыныңдын жоготуп алган эшегин таап алсаң да, кийимин таап алсаң да, буюмун таап алсаң да, ошондой кыл. Бул айтылгандан четтебе.

4 Жакыныңдын эшеги же өгүзү жолдо жыгылып калганын көрсөң, таштап кетпе, ага аларды тургузууга жардам бер.

5 Аял эркектин, эркек аялдын кийимин кийбеши керек, анткени ушундай кылган ар бир адам Кудай-Теңириңдин алдында жийиркеничтүү.

6 Эгерде жолдон даракка же жерге салынган канаттуунун уясын көрсөң, ал уяда энеси балапандарын же жумурткаларын басып жатса, анда энесин балапандары менен кошо алба.

7 Өзүңө жакшы болушу үчүн, өмүрүң узун болушу үчүн, энесин коё берип, балапандарын ал.

8 Кимдир бирөө үйүңдүн үстүнөн кулап түшпөшү үчүн, айыптуу болуп калбашың үчүн, үй кура турган болсоң, үйүңдүн үстүнө тегерете тосмо жасап кой.

9 Жүзүмзарыңа эки түрдүү үрөн сеппе, болбосо сепкен үрөнүңдүн түшүмү да, алган жүзүмүң да ыйык болуп калат.

10 Өгүз менен эшекти кошуп жер айдаба.

11 Жүн менен зыгыр буласы аралаш токулган кездемеден кийим кийбе.

12 Үстүңө жамына турган жамынчыңдын төрт бурчуна чачы жасап ал.

**Аялды күйөөсүнүн жалган айыптоолорунан коргоо**

13 Ким аял алып, ага жакындагандан кийин, аны жек көрүп калса,

14 анан: “Мен үйлөнүп, ага жакындаганда, кыздыгы жок болуп чыкты”, – деп, жалган жерден айыптап, жаман сөз таратса,

15 анда кыздын атасы менен энеси шаар аксакалдарына, дарбаза алдына кызды алып келсин да, кызынын кыздык белгисин далилдесин.

16 Кыздын атасы шаар аксакалдарына: “Мен кызымды бул кишиге аялдыкка бергем, ал азыр кызымды жек көрүп калды.

17 Аны жаманатты кылып: «Мен сенин кызыңдын кыздыгын көргөн жокмун», – деп жатат. Бирок менин кызымдын кыздык белгиси мына”, – деп, кызынын кыздык белгиси калган кийимин шаар аксакалдарынын алдына жайсын.

18 Ошондо шаардын аксакалдары күйөөсүн алып келип жазага тартсын.

19 Ал Ысрайыл кызын жаманатты кылып, ушак таратканы үчүн, анын мойнуна жүз шекел күмүш салышсын, күмүштү кыздын атасына беришсин. Кызы анын аялы болуп кала берсин. Ал өмүр бою аны менен ажыраша албайт.

**Ойноштук кылып нике бузгандыгы үчүн жазалоо**

20 Эгерде анын айтканы чындык болуп, кыздын кыздыгы жок болуп чыкса,

21 анда кызды атасынын үйүнө алып барышсын, аны шаардын эли таш бараңга алып өлтүрсүн, анткени ал атасынын төрүндө ойноштук кылып, Ысрайыл элинин арасында жийиркеничтүү иш кылды. Өз элиңдин ичинен жамандыкты ушинтип жок кыл.

22 Эгерде күйөөсү бар аял менен жаткан бирөө кармалса, анда экөө тең: аял менен жаткан эркек да, эркек менен жаткан аял да өлтүрүлсүн. Ысрайыл элинин ичинен жамандыкты ушинтип жок кыл.

23 Бойго жеткен кыз жигити менен убадалашып койгондон кийин, шаардан бирөө жолугуп калып, аны менен жатса,

24 анда экөөнү тең ошол шаардын дарбазасынын алдына алып келип, таш бараңга алып өлтүрүшсүн. Кызды кыйкырып жардамга чакырбаганы үчүн, эркекти жакынынын аялын булгагандыгы үчүн өлтүрүшсүн. Өз элиңдин ичиндеги жамандыкты ушинтип жок кыл.

25 Эгерде кимдир бирөө убадалашып койгон кызга талаадан жолугуп калып, аны кармап алып зордуктап койсо, анда аны зордуктап койгон эркек гана өлүм жазасына тартылсын.

26 Кызга болсо тийбегиле, анын өлүмгө тете күнөөсү жок. Эгерде аны өлүм жазасына тартсаңар, анда бул өз жакынына кол көтөрүп өлтүргөнгө барабар болуп калат.

27 Анткени ал убадалашып койгон кызга ээн талаадан жолугуп калган, кыз жардам сурап кыйкырса да, куткара турган эч ким болгон эмес.

28 Эгерде кимдир бирөө убадалашпаган кызга жолугуп калып, аны зордуктап жатканда, үстүнөн бирөөлөр чыгып калса,

29 анда аны менен жаткан эркек кыздын атасына элүү шекел күмүш берсин. Ал аны аялдыкка алсын, анткени аны зордуктап койду. Ал аны менен өмүр бою ажыраша албайт.

30 Эч ким атасынын аялын албасын, атасынын төшөгүн ачпасын.

## 23-БӨЛҮМ

### Жүрүм-турум жөнүндө ар кандай мыйзамдар

1 Кимдин энеги зыянга учураган болсо же бала төрөтө турган мүчөсү бычылып калса, ал Теңирдин жамаатына кирбесин.

2 Никесиз төрөлгөн бала да Теңирдин жамаатына кирбесин, анын онунчу мууну да Теңирдин жамаатына кирбесин.

3 Амондуктар менен мааптыктар да Теңирдин жамаатына кирбесин, алардын онунчу мууну да Теңирдин жамаатына кирбесин.

4 Анткени силер Мисирден чыкканда, алар силерди нан, суу менен тосуп алышкан эмес, сени каргаш үчүн, Месопотамиянын Пыторунан Бейор уулу Биламды алар сага каршы жалдашкан.

5 Бирок Кудай-Теңириң Биламды уккусу келген жок. Кудай-Теңириң анын каргышын батага айлантты, анткени Кудай-Теңириң сени сүйөт.

6 Өмүрүң өткөнчө аларга тынчтык да, ийгилик да каалаба.

7 Эдомдуктарды жек көрбө, анткени алар сенин бир туугандарың. Мисирликтерди да жек көрбө, анткени сен алардын жеринде келгин болгонсуң.

8 Алардын үчүнчү муунунан төрөлгөн балдар Теңирдин жамаатына кире алат.

9 Душманыңа каршы согушка бет алганыңда, бардык жаман нерселерден сактан.

10 Эгерде түнкү окуядан улам кимдир бирөө таза эмес болуп калса, анда ал стандын сыртына чыксын, станга кирбесин.

11 Кеч киргенде денесин сууга жуусун. Станга күн батканда кирсин.

12 Чыга турган жериң стандын сыртында болсун.

13 Куралыңдан тышкары күрөгүң да болсун. Стандын сыртына чыкканыңда, чуңкур казып отур да, чыккан нерсени көмүп сал.

14 Анткени Кудай-Теңириң сени куткарыш үчүн жана душмандарыңды колуңа салып бериш үчүн, станыңды аралап жүрөт, ошондуктан Ал сенин таза эмес бир нерсеңди көрүп, сенден кетип калбашы үчүн, станың ыйык болсун.

15 Кожоюнунан качып келген кулду кожоюнуна кармап бербе.

16 Ал сен жашаган жердин кайсы жерин жактырып тандап алса, ошол жерде, силердин араңарда жашай берсин, аны кысымга алба.

17 Ысрайыл кыздарынын арасында бузулган кыз, Ысрайыл уулдарынын арасында бузулган уул болбосун.

18 Бузулган аялдын же бузулган эркектин кайсы убада боюнча болбосун алып келген нерсесин Кудай-Теңириңдин үйүнө киргизбе, анткени Кудай-Теңириңдин алдында экөөнүкү тең жийиркеничтүү.

19 Бир тууганыңа карызга күмүш же дан берсең, үстөк кошуп алба.

20 Сен ээлегени бара жаткан жерде Кудай-Теңириң бардык иштериңе батасын бериши үчүн, бөтөн жерликтен үстөк алсаң ал, бирок бир тууганыңдан алба.

21 Эгерде Кудай-Теңириңе убада берсең, аны кечиктирбей аткар, анткени Кудай-Теңириң аны сенден төлөтүп алат, сенин мойнуңда күнөө калат.

22 Эгерде убада бербесең, анда күнөөлүү болбойсуң.

23 Оозуңдан чыкканды бек кармап, так аткар, анткени Кудай-Теңириңе өз каалооң менен тартуу берем деп, өз оозуң менен убада бергенсиң.

24 Бирөөнүн жүзүмзарына кирсең, анын мөмөсүнөн каалашынча же, бирок идишиңе салып алба.

25 Бирөөнүн эгин талаасына барсаң, машактарынан колуң менен үзүп ал, бирок орок менен оруп алба.

## 24-БӨЛҮМ

### Мусанын ажырашуу жөнүндө берген мыйзамы

1 Ким аял алып, анан аялынын бир жаман жагын көрүп калып, аны жактырбай калса, анда ага талак кат жазып, колуна берип, үйүнөн чыгарып жиберсин.

2 Аялы анын үйүнөн кетип, башка күйөөгө тийип алса,

3 бирок кийинки күйөөсү да аны жаман көрүп, талак кат жазып, колуна берип, үйүнөн чыгарып салса же өлүп калса,

4 анда аны коё берген биринчи күйөөсү булганып калган аялын кайра албасын, анткени бул Теңирдин алдында жийиркеничтүү. Кудай-Теңириң энчиңе берип жаткан жерди булгаба.

5 Ким жакында эле үйлөнсө, анда ал согушка барбасын, анын мойнуна эч нерсе жүктөлбөсүн. Ал өз үйүндө бир жыл бош болуп, алган аялынын көңүлүн ачсын.

6 Эч ким жаргылчактын үстүнкү же астынкы ташын күрөөгө албасын, анткени ал жанды күрөөгө алган болуп калат.

7 Ким өз бир тууганы болгон Ысрайыл уулдарынын ичинен бирөөнү уурдап алып, аны кул кылып алса, же сатып жиберсе, анда андай ууруну өлтүрүш керек. Өз элиңдин ичиндеги жамандыкты ушинтип жок кыл.

8 Байкагын, ыйык кызмат кылуучу лебилер үйрөткөн пес оорусу жөнүндөгү мыйзамдын баарын так аткар. Мен аларга буйруганды так аткаргыла.

9 Силер Мисирден чыгып келе жатканда, Кудай-Теңириңер Мириямды эмне кылганын эсиңерден чыгарбагыла.

10 Эгерде сен жакыныңа карызга бир нерсе берсең, анын үйүнө күрөө алыш үчүн кирбе.

11 Сыртта тура турсаң, сен карыз берген киши күрөөсүн сыртка алып чыгып берет.

12 Эгерде ал жарды болсо, анын күрөөсүн таң атканга чейин калтырба.

13 Ал өз кийими менен жатып, сага батасын бериши үчүн, күрөөсүн күн батканча кайтарып бер. Кудай-Теңириң муну сага адилеттик катары эсептейт.

14 Сенин жериңде жашаган келгиндердин же бир туугандарыңдын арасындагы жалчыны, жардыны, жакырды кысымга алба.

15 Анын акысын ошол эле күнү, күн батканча бер, анткени ал жарды, ал акыга зар болуп турат. Ал сен үчүн Теңирге зарлап жибербесин, сен күнөөкөр болуп калба.

16 Балдары үчүн атасы, атасы үчүн балдары өлүм жазасына тартылбасын. Өлүм жазасына ар ким өз күнөөсү үчүн тартылсын.

17 Келгин менен жетимдин ишин бурмалап соттобо, жесирдин кийимин күрөөгө алба.

18 Сен да Мисирде кул болгонуңду, ал жерден сени Теңир алып чыкканын эсиңден чыгарба. Ошон үчүн мен сага ушуларды кылууну буйруп жатам.

19 Талаадан эгин оруп, боологон бооңду унутуп калсаң, аны алууга кайрылып барба. Кудай-Теңириң бардык иштериңе батасын бериши үчүн, аны келгинге, жетимге, жесирге калтыр.

20 Зайтун дарактарыңдын жемишин жыйнаганда, калгандарын кайра терип алба. Ал келгинге, жетимге, жесирге калсын.

21 Жүзүм тергенде, калып калгандарын кайра терип алба. Ал келгинге, жетимге, жесирге калсын.

22 Өзүңдүн Мисир жеринде кул болгонуңду эсиңден чыгарба, ошондуктан мен сага ушуларды буйруп жатам.

**25-БӨЛҮМ**

**Ар кандай мыйзамдар**

1 Эгерде эки адамдын ортосунда чатак болсо, алардын ишин башкаруучулар териштиришсин. Алар иши акты актап, иши караны айыпташсын.

2 Эгерде айыпкер балак алууга татыктуу болсо, анда башкаруучу өзүнүн көзүнчө андан айыбына жараша балак алдырсын.

3 Андан кырктан ашык балак алынбасын. Эгерде ашык балак алынса, сенин алдыңда бир тууганың кемсинтилген болот.

4 Эгин бастырып жаткан өгүзүңдүн оозун таңба.

5 Эгерде эки бир тууган бирге жашап, анын бири бала көрбөй өлүп калса, анда өлгөндүн аялы бөтөн кишиге турмушка чыкпасын. Кайын агасы болобу, кайын иниси болобу, аны алып, аны менен жашасын.

6 Өлгөн бир тууганынын аты Ысрайыл элинин арасынан өчпөшү үчүн, анын тун баласы өлгөн бир тууганынын баласы болуп эсептелсин.

7 Эгерде ал жесир келинин же жеңесин алгысы келбесе, жесир жеңеси же келини дарбаза алдына, аксакалдарга барып: “Кайним (кайнагам) менден баш тартып, өз бир тууганынын атын Ысрайыл арасынан өчүргөнү жатат, мени алгысы келбей жатат”, – десин.

8 Ошондо шаардын аксакалдары аны чакыртып алып, көндүрүшү керек. Эгерде ал: “Аны алгым келбейт”, – деп туруп алса,

9 анда жеңеси (келини) аксакалдардын көзүнчө ага басып барып, өтүгүн чечип алып, бетине жаба түкүрүп: “Өз бир тууганынын тукумун улантпаган кишини ушундай кылат”, – десин.

10 Ысрайылда ага “Жылаңаяктын үйү” деген ат коюшат.

11 Эркектер өз ара мушташып жатканда, биринин аялы уруп жаткандын колунан өз күйөөсүн чыгарып алыш үчүн, тигинин жан жерин кармап алса,

12 анда аялдын колун кесип сал. Ага бооруң ачыбасын.

13 Баштыгыңа эки башка салмактагы, чоң жана кичинекей тараза таштарын салба.

14 Сенин үйүңдө сыйымдуулугу эки башка, чоң жана кичине болгон эйфа болбосун.

15 Кудай-Теңир берип жаткан жерде узак өмүр сүрүшүң үчүн, тараза ташың да, эйфаң да так жана туура болсун.

16 Анткени ушундай жалган иш кылган адам Кудай-Теңириңдин алдында жийиркеничтүү.

17 Силер Мисирден чыгып келе жатканда, амалыктыктардын силерге эмне кылганын эсиңерден чыгарбагыла.

18 Ал сени жолдо кандай тосконун, чарчап-чаалыгып келе жатканыңда, Кудайдан коркпой, сенин артыңда алсырап калгандарды өлтүргөнүн эсиңден чыгарба.

19 Ошондуктан Кудай-Теңириң берип жаткан жерди ээлеп алганыңда, Кудай-Теңириң сени тегерегиңдеги бардык душмандарыңдан куткарып, сага тынчтык бергенде, амалыктыктарды жер үстүнөн жок кыл, унутпа.

**26-БӨЛҮМ**

**Биринчи түшүмдү алып келүү жөнүндө**

1 Кудай-Теңириң энчиңе берип жаткан жерге барып, аны ээлеп, ага отурукташканыңда,

2 Кудай-Теңириң берип жаткан жерден алган бардык түшүмүңдүн алгачкыларын алып, себетиңе салып, Кудай-Теңириң Өзүнүн ысымы бар болуп турушу үчүн тандап алган жерге барып,

3 ошол убактагы ыйык кызмат кылуучуга мындай деп айт: “Мен бүгүн Теңир биздин ата-бабаларыбызга убада кылган жерге келгенимди Кудай-Теңириңдин алдында билдиремин”.

4 Ошондо ыйык кызмат кылуучу колуңдан себетти алып, Кудай-Теңириңе арналган курмандык чалынуучу жайдын алдына коёт.

5 Сен болсо Кудай-Теңириңдин алдында мындай дегин: “Менин атам жер кезген арамейлик киши болгон. Ал Мисирге барып, ал жерге бир нече киши менен отурукташып калган. Ошол жерде андан эң күчтүү, эң кубаттуу, сансыз көп эл тараган.

6 Бирок мисирликтер бизге жаман мамиле кылып, кысымга алып, оор жумушка салышкан.

7 Ошондо биз ата-бабаларыбыздын Кудай-Теңирине боздоп кайрылдык. Теңир биздин боздогон үнүбүздү укту, башыбызга түшкөн мүшкүлдү, жумушубуздун оордугун, эзилгенибизди көрдү.

8 Теңир бизди Мисирден сунулган колу, күчтүү билеги менен, зор коркунучтары менен, жышаандары менен, кереметтери менен алып чыгып,

9 ушул жерге алып келип, мына ушул сүт менен бал аккан жерди берди.

10 Мына эми, Теңир, Өзүң берген жердин түшүмүнүн алгачкыларын алып келдим”. Анан аларды Кудай-Теңириңдин алдына коюп, Ага таазим кыл.

11 Кудай-Теңириң сага жана үй-бүлөңө берген бардык жакшы нерселерге кубанып, элиңдин арасында жашаган лебилер жана келгиндер менен бирге көңүл ач.

12 Жериңден алган түшүмдүн ондон бир бөлүгүн ондуктун жылы болгон үчүнчү жылы бөлүп алып, лебилерге, келгиндерге, жетимдерге, жесирлерге бер. Алар сенин жериңде тойгончо ичип-жешсин.

13 Анан Кудай-Теңириңдин алдында мындай деп айт: “Мен Сенин мага берген буйруктарың боюнча үйүмдө болгон нерселердин ыйык бөлүгүн алып, лебилерге, келгиндерге, жетимдерге, жесирлерге бердим. Мен Сенин осуяттарыңдын бардыгын аткардым, аларды унуткан жокмун.

14 Кайгыга батканымда андан жеген жокмун, аны таза эмес болуп турганымда жыйнаган жокмун, андан өлгөндөр үчүн берген жокмун. Кудай-Теңиримдин тилин алып, Сенин мага берген осуяттарыңдын бардыгын аткардым.

15 Ыйык жайыңдан, асмандан бизге назар салып, Өз элиң Ысрайылга жана ата-бабаларыбызга убада кылып, бизге берген сүт менен бал аккан жерге батаңды бер”.

16 Бүгүн Кудай-Теңириң сага ушул көрсөтмөлөр менен мыйзамдарды аткарууну буйруйт. Аларды чын жүрөгүң менен, жан-дилиң менен аткарганга аракет кыл.

17 Сен бүгүн Теңирге Ал сенин Кудайың экенин, Анын жолу менен жүрөрүңдү, Анын көрсөтмөлөрү менен мыйзамдарын, осуяттарын аткарарыңды жана Анын айтканын угарыңды айттың.

18 Теңир да бүгүн сага, Өзү айткандай, эгерде сен Анын бардык осуяттарын аткара турган болсоң, Анын Өз эли болоруңду,

19 ошондой эле Өзү жараткан элдердин ичинен сени баарынан жогору коёрун, сен урмат-сыйга, даңкка, улуулукка бөлөнөрүңдү, Өзү айткандай, Кудай-Теңириңдин ыйык эли болоруңду убада кылды».

**27-БӨЛҮМ**

**Мусанын буйруктары**

1 Муса Ысрайыл аксакалдары менен бирге элге кайрылып, мындай деди: «Мен бүгүн силерге берип жаткан осуяттардын бардыгын аткаргыла.

2 Кудай-Теңириңер берип жаткан жерге Иордан аркылуу өткөн күнү чоң-чоң таштарды коюп, акиташ менен актагыла.

3 Кудай-Теңириң сенин ата-бабаларыңа убада кылган, сүт менен бал аккан жерге кириш үчүн, Иордан суусунан өткөн күнү ал таштарга ушул мыйзамдарды жазып кой.

4 Иордандан өткөндөн кийин, мен бүгүн силерге буйругандай, ал таштарды Эйбал тоосуна коюп, акиташ менен актагыла.

5 Ошол жерге Кудай-Теңириңе арнап, темирдин учун тийгизбей, таштан курмандык чалынуучу жай кур.

6 Кудай-Теңириңерге курмандык чалынуучу жайды бүтүн таштардан кургула. Анан Кудай-Теңириңерге арнап бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык чалгыла.

7 Ошол жерге тынчтык курмандыктарын алып келип жеп, Кудай-Теңириңердин алдында көңүл ачкыла.

8 Андан кийин ал таштарга ушул мыйзамдын бардык сөздөрүн даана кылып жазып койгула».

9 Анан Муса менен ыйык кызмат кылуучу лебилер бүткүл Ысрайыл элине мындай деп айтышты: «Көңүл буруп, кулак сал, Ысрайыл, бүгүн сен Кудай-Теңирдин Өз эли болдуң.

10 Ошондуктан Кудай-Теңириңдин сөзүнө кулак салып, мен бүгүн берип жаткан Анын осуяттары менен буйруктарын аткар».

11 Ошол күнү Муса элге мындай деп буйрук берди:

12 «Иордандан өткөндөн кийин, мына бул уруулар элге бата берип туруш үчүн, Гаризим тоосуна чыгып турушу керек: Шымон, Леби, Жүйүт, Исахар, Жусуп жана Бенжемин.

13 Ал эми мына бул уруулар каргаш үчүн Эйбал тоосуна чыгып турушу керек: Рубейин, Гат, Ашыр, Забулун, Дан жана Напталы.

14 Лебилер катуу үн менен бүт ысрайылдыктарга мындай деп айтышсын:

15 "Оюп же куюп буркан жасап, аны жашыруун жерге катып койгон кишиге каргыш тийсин! Анткени сүрөтчүнүн колунан чыккан чыгарма Теңирдин алдында жийиркеничтүү". Бүт эл катуу үн менен: "Оомийин!" – десин.

16 "Атасына же энесине тил тийгизгенге каргыш!" Бүт эл катуу үн менен: "Оомийин!" – десин.

17 "Жакынынын чек арасын бузганга каргыш!" Бүт эл катуу үн менен: "Оомийин!" – десин.

18 "Сокурду жолдон адаштырганга каргыш!" Бүт эл катуу үн менен: "Оомийин!" – десин.

19 "Келгинге, жетимге жана жесирге адилетсиз өкүм чыгарганга каргыш!" Бүт эл катуу үн менен: "Оомийин!" – десин.

20 "Атасынын аялы менен бир төшөккө жатканга каргыш, анткени ал атасынын төшөгүн ачты". Бүт эл катуу үн менен: "Оомийин!" – десин.

21 "Жаныбар менен жатканга каргыш!" Бүт эл катуу үн менен: "Оомийин!" – десин.

22 “Өз карындашы же эжеси менен, атасынын же энесинин кызы менен жатканга каргыш!” Бүт эл катуу үн менен: “Оомийин!” – десин.

23 “Кайын энеси менен жатканга каргыш!” Бүт эл катуу үн менен: “Оомийин!” – десин.

24 “Өз жакынын жашыруун өлтүргөнгө каргыш!” Бүт эл катуу үн менен: “Оомийин!” – десин.

25 “Айыпсыз адамды өлтүрүш үчүн акы алганга каргыш!” Бүт эл катуу үн менен: “Оомийин!” – десин.

26 “Бул мыйзамды аткарбаганга, бул мыйзам боюнча жашабаганга каргыш!” Бүт эл катуу үн менен: “Оомийин!” – десин.

**28-БӨЛҮМ**

**Батанын убада кылынышы**

1 Эгерде сен мен бүгүн берип жаткан Анын осуяттарынын бардыгын так аткарып, Кудай-Теңириңдин үнүн угуп, тил ала турган болсоң, Кудай-Теңириң сени бардык элдерден жогору коёт.

2 Эгерде Кудай-Теңириңди уксаң, анда Ал сага мына бул баталарды берет, сен ушул баталарды аласың.

3 Теңир сага шаарда да, талаада да батасын берет.

4 Теңир сенин укумдап-тукумдап көбөйүшүңө, түшүмүңө, малыңдын, бодо малыңдын, койлоруңдун төлүнө батасын берет.

5 Теңир сенин кырмандарың менен кампаларыңа батасын берет.

6 Теңир сага киргениңде да, чыкканыңда да батасын берет.

7 Теңир сага каршы чыккан душманды кырып жок кылат. Алар сага каршы бир жол менен келип, сенден жети жол менен качып кетет.

8 Теңир сенин кампаларыңа, бардык иштериңе батасын берет. Кудай-Теңириң Өзү берип жаткан жерде сага батасын берет.

9 Эгерде сен Кудай-Теңириңдин осуяттарын аткарсаң, Анын жолу менен жүрсөң, Өзү сага убада бергендей, сени Өзүнүн ыйык эли кылып алат.

10 Сен Теңирдин ысымы менен аталып жатканыңды жер жүзүндөгү бардык элдер көрүп, сенден коркуп калышат.

11 Теңириң Өзү ата-бабаларыңа убада кылып, сага берген жерде сени укумдатып-тукумдатып көбөйтөт, малыңдын төлүн, жериңдин түшүмүн – бардыгын мол кылат.

12 Теңир сенин жериңе өз убагында жамгыр берип туруш үчүн, сенин иштериңе батасын берип туруш үчүн, Өзүнүн берекелүү казынасы болгон асманын ачат. Ошондо сен көп элге карыз бересиң, өзүң карыз албайсың.

13 Эгерде сактагыла жана аткаргыла деп, мен бүгүн берип жаткан Кудай-Теңириңдин осуяттарын аткарсаң, Теңир сени куйрук эмес, баш кылат, төмөн жакта эмес, жогору жакта болосуң,

14 бөлөк кудайлардын артынан ээрчип, ага табынбашың үчүн, мен бүгүн силерге берип жаткан осуяттардан оңго да, солго да бурулба.

**Каргышка калбаш үчүн эскертүү**

15 Эгерде мен бүгүн сага берип жаткан Кудай-Теңириңдин осуяттарын, мыйзамдарын аткарууга аракет кылбасаң, Анын үнүн укпасаң, анда Теңирдин мына бул каргыштары тиет.

16 Шаарда да, талаада да Теңирдин каргышы тиет.

17 Кырмандарың менен кампаларыңа Теңирдин каргышы тиет.

18 Укум-тукумуңа да, жериңдин түшүмүнө да, бодо малыңдын, койлоруңдун төлүнө да Теңирдин каргышы тиет.

19 Киргениңде да, чыкканыңда да Теңирдин каргышы тиет.

20 Мени таштап кеткениң үчүн, жаман иштериң үчүн Теңирдин каргышы тийип, башыңа мүшкүл түшөт. Кырылып жок болмоюнча, кандай иш кылсаң да, андан баар таппайсың, кыска убакыттын ичинде кырылып жок болосуң.

21 Ээлегени бара жаткан жерде сени кырып жок кылмайынча, Теңир сага жугуштуу оору жиберет.

22 Теңир сага кургак учук, безгек, кулгуна жиберет, жериңди кургакчылык, ысык шамал менен күйгүзөт, кырылып жок болмоюнча, алардан арылбайсың.

23 Үстүңдөгү асман жез болот, астыңдагы жер темир болот.

24 Теңир жамгырдын ордуна чаң жаадырат, сен кырылып жок болмоюнча, асмандан сага топурак жаай берет.

25 Теңир сени душмандарыңдын колуна салып берет. Бир жол менен ага каршы барасың да, жети жол менен качасың. Жер жүзүндөгү бүт падышачылыктарга тарайсың.

26 Сенин өлүгүң асмандагы жырткыч куштарга, жердеги жырткыч айбандарга жем болот, аларды кубалай турган жан болбойт.

27 Теңир сага Мисирдин айыккыс пес оорусун, чечек оорусун, ириңдүү жарасын, котурун жиберет.

28 Теңир сени акылыңдан адаштырат, сокур, коркок кылат.

29 Ошондо сен чак түштө сокурга окшоп жер сыйпалап каласың, ишиңдин ийгилигин көрбөйсүң, өмүрүң өткөнчө сени кысымга алып кордошот, сага эч ким болушпайт.

30 Аял аласың, бирок аны менен башка бирөө жатат. Үй курасың, бирок ал үйдө өзүң жашабайсың. Жүзүмзар тигесиң, бирок мөмөсүн өзүң жебейсиң.

31 Өгүзүңдү сенин көзүңчө союп алышат, анын этинен жебейсиң. Эшегиңди жетелеп кетишет, кайтарып беришпейт. Койлоруңду кас душмандарыңа айдап барып беришет, сени эч ким коргобойт.

32 Балдарың менен кыздарыңды башка элдер алып кеткенин өз көзүң менен көрөсүң. Өмүрүң өткөнчө аларды күтүп жол карайсың, бирок эч нерсе кыла албайсың.

33 Сен айдаган жердин түшүмүн, сенин эмгегиңди сен таанбаган башка эл жейт. Өмүрүң өткөнчө куугунтукталасың жана эзилесиң.

34 Ушуларды өз көзүң менен көрүп, акылдан ажырайсың.

35 Теңир сенин тизең менен шыйрагыңа, таманыңдан төбөңө чейин айыккыс пес оорусун каптатат.

36 Теңир сени жана сен такка отургузган падышаны өзүң да, ата-бабаң да билбеген элге алып барат. Ал жерде сен жыгачтан жана таштан жасалган кудайларга табынып каласың.

37 Теңир алып барган жердеги элдер сени көрүп үрөйү учат, аларга шылдың, ылакап болосуң.

38 Талааңа көп үрөн сээп, аз түшүм аласың, анткени аны чегиртке жеп кетет.

39 Жүзүмзар тигип өстүрөсүң, бирок мөмөсүн жыйнап, шарап ичпейсиң, анткени аны курт жеп салат.

40 Бардык жериңде зайтун дарагы болот, бирок майы менен майланбайсың, анткени мөмөлөрү жерге түшүп калат.

41 Уулдарың, кыздарың төрөлөт, бирок алардын бири да колуңда болбойт, анткени туткундалып кетишет.

42 Бак-дарактарың менен жериңдин түшүмүн чегиртке жеп жок кылат.

43 Араңда жашаган келгин сенден жогору көтөрүлгөндөн көтөрүлөт, сен төмөндөгөндөн төмөндөйсүң.

44 Ал сага карыз бере баштайт, сен ага карыз бере албай каласың. Ал баш болот, сен болсо куйрук болосуң.

45 Кудай-Теңириң берген осуяттарды жана мыйзамдарды аткарбагандыгың үчүн, Анын үнүн укпай койгондугуң үчүн, сага ушул каргыштардын баары тийип, кырып жок кылмайынча, артыңдан түшүп, акыры түбүңө жетет.

46 Сага жана сенин укум-тукумуңа тийген ал каргыштар башкаларга түбөлүккө жышаан жана эскертүү болот.

47 Бардыгы ашып-ташып турганда Кудай-Теңириңе кубаныч менен, чын жүрөгүң менен кызмат кылбаганың үчүн,

48 ачарчылык, кургакчылык, ач-жылаңачтык, жокчулук учурунда Кудай Өзү сага каршы жиберген душманыңа кызмат кыласың. Ал сени кырып жок кылмайынча, мойнуңдан темир моюнтурукту түшүрбөйт.

49 Теңир сага алыстан, жердин бир бурчунан эл жөнөтөт. Сен тилин түшүнбөгөн эл сага бүркүттөй шукшурулуп тиет.

50 Ал эл улуусун сыйлабаган, кичүүсүн аябаган таш боор эл болот.

51 Ал эл сени түгөтүп бүтмөйүнчө, малыңды да, түшүмүңдү да жейт, сени кырып жок кылмайынча, эгиниңди да, шарабыңды да, майыңды да, бодо малың менен койлоруңдун төлүн да калтырбайт.

52 Сенин жериңдеги сен таянган бийик, бекем дубалдарыңды уратып бүтмөйүнчө, бардык жагыңдан курчап алып кысымга алат. Кудай-Теңириң берген жерлерди бардык жагынан курчап алып кысымга алат.

53 Душманың сени курчап алып кысымга алганда, Кудай-Теңириң берген уул-кыздарыңды, өз балдарыңдын этин жейсиң.

54 Араңардагы жыргалчылыкка, байлыкка көнгөн адам өз бир тууганына, аялына, колунда калган балдарына ырайымсыздык менен карайт,

55 сенин бардык шаарларыңды душман курчап алып кысымга алганда, жегенге эч нерсеси калбагандыктан, балдарынын этин эч кимге бербей жейт.

56 Жыргал турмушка, байлыкка көнгөн, байлыгына чиренген, эркелигинен жерге бутун койбогон аял күйөөсүнө, баласына, кызына ырайымсыздык менен карайт.

57 Сенин бардык шаарларыңды душманың курчап алып кысымга алганда, жокчулук болгондуктан, эки бутунун ортосунан чыгып келаткан баланын тонун жана жатынынан чыккан ымыркайды, жаңы төрөгөн баласынын этин эч кимге бербей, жашыруун жейт.

58 Эгерде бул китепке жазылган мыйзамдын бардык сөздөрүн аткарууга аракет кылбасаң, даңктуу, коркунучтуу Кудай-Теңириңдин ысымынан коркпосоң,

59 анда Теңир сага жана сенин укум-тукумуңа мурун болуп көрбөгөн, узакка созулган оор күндөрдү, айыккыс, жугуштуу ооруларды жиберет.

60 Өзүң корккон Мисирдин бардык ооруларын жиберет, алардан арыла албайсың.

61 Кырылып жок болмоюнча, Теңир сага мыйзам китепте жазылбаган ар кандай жугуштуу ооруларды, оор күндөрдү жибере берет.

62 Ошондо асмандагы жылдыздардай жайнаган сансыз элиңен аз эле эл калат, анткени сен Кудай-Теңириңдин үнүн укпай койдуң.

63 Теңир силерге жакшылык кылганда, тукумуңарды көбөйткөндө кандай кубанса, силерди кырып жок кылганына так ошондой кубанат. Сен ээлегени бара жаткан жерден кайра куулуп чыгасың.

64 Теңир силерди жердин бир четинен экинчи четине чейин, башка элдердин арасына чачыратып жиберет. Ал жерде силер да, ата-бабаларыңар да билбеген башка кудайларга, жыгачтарга жана таштарга табынып каласыңар.

65 Бирок ал элдердин арасында да силерге тынчтык болбойт, аягыңар жай таппайт, Теңир ал жерде да жүрөгүңөрдү титиретип, көзүңөрдү талытып, жаныңарды сыздатат.

66 Өмүрүң кылдын учунда асылып, күнү-түнү титиреп, тирүү каларыңа көзүң жетпейт.

67 Сени каптаган коркунучтан улам, өз көзүң менен көргөн нерселерден улам, эртең менен: “О, кеч кирсе экен!” – дейсиң, кечинде: “О, таң атса экен!” – дейсиң.

68 Мен сага: “Экинчи ал жерди көрбөйсүң”, – деген Мисир жерине Теңир сени кемеге салып кайра жиберет. Ал жерде силер душмандарыңарга кулдукка жана күңдүккө сатыласыңар, бирок сатып алууга эч ким чыкпайт».

**29-БӨЛҮМ**

**Теңирдин Өз эли менен кайрадан келишим түзүшү**

1 Теңир Ысрайыл уулдары менен Хорепте түзгөн келишимин Маап жеринде кайрадан кайталоо жөнүндө Мусага мындай буйрук берген:

2 Муса Ысрайыл уулдарын чакырып алып, аларга мындай деди: «Теңир силердин көз алдыңарда Мисир жеринде фараонду, анын кулдарын, анын бүт жерлерин эмне кылганын баарыңар көрдүңөр.

3 Ошондогу катуу жазаларды, укмуштуудай жышаандар менен кереметтерди өз көзүңөр менен көрдүңөр.

4 Бирок бүгүнкү күнгө чейин Теңир силерге туюнганга жүрөк, көргөнгө көз, укканга кулак берген жок.

5 Кырк жыл силерди чөлдө алып жүрдү, үстүңөрдөгү кийимиңер эскирген жок, бутуңардагы бут кийимиңер жыртылган жок.

6 Силердин Кудай-Теңириңер Мен экенимди билишиңер үчүн, силер нан жеген жоксуңар, шарап жана күчтүү ичимдик ичкен жоксуңар.

7 Силер бул жерге келгениңерде, Кешпон падышасы Сихон менен Башан падышасы Ог биз менен салгылашканы чыкты, биз аларды жеңдик.

8 Алардын жерин басып алып, Рубейин менен Гат уруусуна жана Менашенин жарым уруусуна бердик.

9 Бардык ишиңердин ийгилигин көрүшүңөр үчүн, бул келишимдеги осуяттарды аткаргыла.

10 Бүгүн силер, ысрайылдыктар, Кудай-Теңириңердин алдында уруу башчыларыңар, аксакалдарыңар, көзөмөлдөөчүлөрүңөр,

11 балдарыңар, аялдарыңар, араңарда жашаган келгиндериңер, отун жарып, суу ташыгандарыңар менен турасыңар.

12 Бүгүн силер Кудай-Теңириңердин келишимине, Кудай-Теңириңер менен түзүлгөн анттуу келишимге кириш үчүн турасыңар.

13 Теңир Өзү сага жана сенин ата-бабаларың Ыбрайымга, Ыскакка жана Жакыпка убада кылгандай, Ал бул келишимди сенин Кудайың болуп, сени Өз эли кылып алыш үчүн түзөт.

14 Бул келишимди жана анттуу келишимди мен силер менен гана эмес,

15 бүгүн Кудай-Теңирибиздин алдында биздин арабызда тургандар менен, ошондой эле бүгүн биздин арабызда турбагандар менен түзүп жатам.

16 Анткени Мисир жеринде кандай жашаганыбызды, башка элдердин арасынан кандай өткөнүбүздү өзүңөр билесиңер.

17 Алардын жийиркеничтүү иштерин, жыгачтан, таштан, күмүштөн, алтындан жасап алган кудайларын да көрдүңөр.

18 Бүгүн силердин араңарда ошол элдердин кудайларына кызмат кылуу үчүн барган, жүрөгү Кудай-Теңирибизден алыстаган эркек, же аял, же уруу, же үй-бүлө болбосун. Силердин араңарда уулуу жана ачуу жемиш бере турган тамыр болбосун.

19 Ушул каргыштарды угуп туруп, өз ичинен: “Өзүм каалагандай жашасам деле бактылуу болом”, – деп мактанган адам болбосун. Анын айынан айыпсыз да жок болот.

20 Теңир андай адамды кечирбейт, Теңир ага ошол замат каарданат. Ага бул китепте жазылган келишимдин бүт каргыштары тиет, Теңир анын атын жер үстүнөн өчүрөт.

21 Бул мыйзам китебинде жазылган келишимдин каргыштарына ылайык, Теңир аны жок кылуу үчүн, Ысрайылдын бардык урууларынын арасынан бөлүп коёт.

22 Теңир Өзү кыйроолор менен, оорулар менен жабыркаткан бул жерди силердин тукумуңар жана алыс жактан келген бөтөн жерликтер көрүп, мындай деп айтышат:

23 “Бүт жер өрттөнүп, жерди күкүрт менен туз каптап калыптыр. Теңир каарданып, астын-үстүн кылып, күлүн сапырып салган Содом, Амор, Адма жана Себоим сыяктуу, бул жер да айдалбайт, эч нерсе өспөйт, чөп да чыкпайт”.

24 Ошондо бүт элдер мындай деп сурашат: “Эмне үчүн Теңир бул жерди ушундай кылды? Ал эмне үчүн ушунчалык каарданды?”

25 Аларга: “Теңир алардын ата-бабаларын Мисир жеринен алып чыккандан кийин, алар менен түзгөн келишимин таштап салышканы үчүн,

26 Кудай тыюу салган башка кудайларга, өздөрү билбеген кудайларга барып кызмат кылып, табына башташканы үчүн ушундай болду.

27 Мына ошондуктан бул жерге Теңир каарданып, аны ушул китепте жазылган келишимдин каргыштарына калтырды.

28 Теңир аларга ачууланып, жаалданып, катуу каарданып, өздөрүнүн жеринен кууп чыгып, азыр биз көрүп турганыбыздай, башка жерге таштап салды”, – деп жооп беришет.

29 Жашыруун нерселер Кудай-Теңирибизге таандык. Ушул мыйзамдын бардык сөздөрүн аткарышыбыз үчүн, ачык нерселер түбөлүккө бизге жана биздин балдарыбызга таандык.

**30-БӨЛҮМ**

**Кечирим жана бата алуунун шарттары**

1 Мен сага айткан бардык сөздөр – баталар менен каргыштар аткарылганда, Кудай-Теңириң башка элдердин арасына чачыратып жиберген жерде аларды жүрөгүңө кабыл алсаң,

2 Кудай-Теңириңе кайрылсаң жана мен сага бүгүн берип жаткан осуяттарды укум-тукумуң менен кошо чын жүрөгүң, жан-дилиң менен аткарсаң,

3 Кудай-Теңириң сага ырайым кылып, туткундагыларыңды кайра алып келет, Кудай-Теңир сени чачыратып жиберген элдердин арасынан кайрадан чогултат.

4 Сен жердин түбүнө чейин чачырасаң да, Кудай-Теңириң сени ошол жактан чогултуп, ошол жактан алып келет.

5 Кудай-Теңириң сени ата-бабаларың ээлеген жерге алып келет. Сен ал жерди өз энчиңе аласың. Сага жакшылык кылат, укум-тукумуңду ата-бабаларыңдан да көп кылат.

6 Өмүр сүрүшүң үчүн, Кудай-Теңириң сенин жүрөгүңдү жана укум-тукумуңдун жүрөгүн Кудай-Теңириңди чын жүрөгүң, жан-дилиң менен сүйө турган кылып өзгөртөт.

7 Ошондо Кудай-Теңириң бул каргыштардын баарын сенин душмандарыңа, сени жек көрүп кубалагандарга жиберет.

8 Сен болсо кайрадан Теңирдин үнүн угуп, мен бүгүн берип жаткан Анын бардык осуяттарын аткарасың.

9 Кудай-Теңириң иштериңе ийгилик берет, укумдатып-тукумдатып көбөйтөт, малыңдын төлүнө, жериңдин түшүмүнө батасын берет, Теңир сенин ата-бабаларыңа жакшылык кылып кубангандай, сага да жакшылык кылып, кайрадан кубанат.

10 Кудай-Теңириңдин бул мыйзам китепте жазылган осуяттары менен мыйзамдарын аткарып, Анын үнүн уксаң, Кудай-Теңириңе чын жүрөгүң, жан-дилиң менен кайрылсаң, Ал ошондой кылат.

11 Анткени мен бүгүн сага берип жаткан осуят сен үчүн түшүнө алгыс да, алыс да эмес.

12 "Биз үчүн ким асманга чыгып, аны алып келип берет. Бизге аны ким айтып берет, ошондо биз аны аткарар элек", – деп айткыдай, ал асманда да эмес.

13 "Биз үчүн ким деңиздин ары жагына барып, аны алып келип берет. Бизге аны ким айтып берет, ошондо биз аны аткарар элек", – деп айткыдай, ал деңиздин ары жагында да эмес.

14 Ал сөз сага өтө жакын жерде. Сен аткара турган сөз сенин оозуңда жана жүрөгүңдө.

15 Мен сага бүгүн өмүр менен жакшылыкты, өлүм менен жамандыкты сунуш кылдым.

16 Мен сага бүгүн: "Кудай-Теңириңди сүй, Анын жолу менен жүр, Анын осуяттарын, мыйзамдарын аткар", – деп осуяттап жатам. Ошондо өмүр сүрөсүң да, укумдап-тукумдап көбөйөсүң. Сен ээлегени бара жаткан жерде Кудай-Теңириң сага батасын берет.

17 Эгерде Кудайдан алыстап, Аны укпай турган болсоң, жолдон чыгып, башка кудайларга табынып, кызмат кыла турган болсоң,

18 анда ээлеш үчүн Иордандан өткөн жериңде көпкө турбай өлөрүңдү бүгүн мен сага айтып коёюн.

19 Бүгүн силердин алдыңарда асман менен жерди күбөгө тартам. Мен сага өмүр менен өлүмдү, алкыш менен каргышты сунуш кылдым. Өзүң жана укум-тукумуң өмүр сүрүшү үчүн, өмүрдү тандап ал.

20 Кудай-Теңириңди сүй, Аны ук, Ага жабыш. Анткени Ал сенин өмүрүң. Ал сенин ата-бабаларың Ыбрайымга, Ыскакка жана Жакыпка берем деп убада кылган жерде сага узун өмүр берет».

**31-БӨЛҮМ**

**Мусанын ыйык кызмат кылуучуларга, лебилерге жана Нундун уулу Жашыяга берген к өрсөтмөлөрү**

1 Муса Ысрайыл уулдарына мына бул сөздөрдү айтты:

2 «Азыр мен жүз жыйырма жашка чыктым, мындан ары силерди баштап жүрө албайм. Теңир Өзү да мага: "Сен бул Иордандан өтпөйсүң", – деген.

3 Кудай-Теңириң сенин алдыңда Өзү барат. Ал бул элдерди сенин алдыңан жок кылат, сен аларды кууп чыгасың. Теңир айткандай, Жашыя сенин алдыңда барат.

4 Теңир аморлуктардын падышалары Сихон менен Огду жана алардын жерлерин кандай кылса, буларды да так ошондой кыйратат.

5 Теңир аларды силердин колуңарга салып берет, аларга мен буйругандай кылгыла.

6 Бекем, кайраттуу болгула, алардан коркпогула, үрөйүңөрдү учурбагыла, анткени Кудай-Теңириңер Өзү силер менен барат, силерден алыстабайт, силерди таштабайт».

7 Анан Муса Жашыяны чакырып алып, ысрайылдыктардын көзүнчө ага мындай деди: «Бекем, кайраттуу бол, анткени сен бул эл менен Теңир ата-бабаларына убада кылган жерге барып, ал жерди ага бөлүп бересиң.

8 Теңир Өзү сенин алдыңда барат, Өзү сени менен болот, сенден алыстабайт, сени таштабайт, коркпогун жана үрөйүң учпасын».

9 Анан Муса бул мыйзамды жазып, аны ыйык кызмат кылуучуларга, Теңирдин келишим сандыгын көтөрүп жүргөн Леби уулдарына жана Ысрайыл аксакалдарына берди.

10 Муса аларга мындай деп осуяттады: «Жети жылда бир болуучу кечирим жылында, Алачыктар майрамында,

11 бүткүл Ысрайыл эли Кудай-Теңириңдин алдына, Ал Өзү тандап алган жерге келгенде, бүткүл Ысрайыл элине бул мыйзамды угуза окуп бер.

12 Элиңди: эркектер менен аялдарды, балдарды, араңарда жашаган келгиндерди чогултуп кел. Алар бул мыйзамды угуп, Кудай-Теңирден коркууну үйрөнүшсүн, мыйзамдын бардык сөздөрүн аткарууга аракет кылышсын.

13 Бул мыйзамды билбеген алардын балдары да силер ээлеш үчүн Иордандан өтүп бара жаткан жерде жашап жатканыңарда, аны угуп, Теңирден коркууну үйрөнүшсүн».

**Теңирдин Мусага жана Нундун уулу Жашыяга берген көрсөтмөлөрү**

14 Анан Теңир Мусага: «Сенин өлө турган күнүң жакындап калды. Жашыяны чакыр, экөөң жыйын чатырынын алдына келгиле, Мен ага көрсөтмө берем», – деди. Муса менен Жашыя жыйын чатырынын алдына келип турушту.

15 Ошондо Теңир жыйын чатырына булут ичинде келди. Булут мамысы жыйын чатырынын алдына туруп калды.

16 Анан Теңир Мусага мындай деди: «Сен эми ата-бабаларыңа кошуласың, бул эл барган жеринде бузулуп, башка кудайларды ээрчип, өзү менен түзгөн келишимимди бузуп, Мени таштап кетет.

17 Ошол күнү Мен бул элге каарданып, аны таштап салам, андан Өз жүзүмдү жашырам. Ошондо ал кырылат, көп кырсыкка учурап, кайгыга батат, ошол күнү: "Арабызда Кудай-Теңирибиз жок болгондуктан, ушундай кырсыкка учурап жатабыз", – деп айтат.

18 Алар башка кудайларга кайрылып, кылган мыйзамсыздыктары үчүн, ошол күнү Мен алардан Өз жүзүмдү жашырам.

19 Ошондуктан бул ырды жазып алып, Ысрайыл уулдарына үйрөткүлө. Ысрайыл уулдарынын алдында Мага күбө болуп турушу үчүн, бул ырды Ысрайыл уулдарына жаттаткыла.

20 Анткени Мен аларды сүт менен бал аккан жерге, алардын ата-бабаларына убада кылган жерге алып барам. Алар ичип-жеп тоюп, семиргенден кийин, башка кудайларга кайрылып, аларга табынып калышат. Менден баш тартып, Менин келишимимди бузушат.

21 Алар көп кырсыктарга учурап, кайгыга батышканда, бул ыр аларга каршы күбө болсун, себеби бул ыр алардын укум-тукумунун оозунан түшпөйт. Азыр эмнени ойлоп жатышканын Мен аларды убада кылган жерге алып бара электе эле билип турам».

22 Муса ал ырды ошол күнү жазып алып, Ысрайыл уулдарына үйрөттү.

23 Анан Теңир Нундун уулу Жашыяга мындай деди: «Бекем, кайраттуу бол, анткени сен Ысрайыл уулдарын Мен аларга убада кылган жерге алып барасың, Мен сени менен болом».

**Мусанын лебилерге берген көрсөтмөлөрү**

24 Муса бул мыйзамдын баарын китепке жазып бүткөндө,

25 Теңирдин келишим сандыгын көтөрүп жүргөн лебилерге мындай буйрук берди:

26 «Бул мыйзам китебин алып, Кудай-Теңириңердин, келишим сандыгынын оң жагына салып койгула, ал ошол жерде сага каршы күбө болот.

27 Анткени мен сенин өжөр жана тоң моюн экениңди билем. Азыр мен силер менен бирге жашап жатканда да, силер Теңирдин алдында өжөрсүңөр. Мен өлгөндөн кийин, силер ого бетер күчөйсүңөр.

28 Мага уруу аксакалдарыңарды, көзөмөлдөөчүлөрүңөрдү чогултуп келгиле. Мен бул сөздөрдү аларга угуза айтып берейин, аларга каршы асман менен жерди күбөгө тартайын.

29 Анткени мен өлгөндөн кийин, көрсөткөн жолдон чыгып бузуларыңарды билем. Теңирге жакпаган иштерди кылып, Аны каардантканыңар үчүн, акыркы күндөрү башыңарга мүшкүл түшөт».

30 Муса бүткүл Ысрайыл элине ал ырды аягына чейин ырдап берди:

**32-БӨЛҮМ**

**Мусанын ыры**

1 «Кулак сал, асман, мен сүйлөйм. Кулак сал, жер, менин сөзүмө.

2 Жамгыр болуп куюлат үйрөткөнүм, шүүдүрүмдөй тунук менин сөздөрүм, өсүмдүккө жааган майда тамчыдай, кээде чөпкө жаба жааган нөшөрдөй.

3 Теңирдин ысымын мактаймын, даңктагыла биздин Кудайды.

4 Ал – таяныч. Анын иштери жеткилең, Анын жолдору – чындык. Кудай ишенимдүү, Анда адилетсиздик жок. Ал – акыйкат, Ал – чындык.

5 Бирок алар Теңирдин алдында бузулушту, алар – кежир, бузулган тукум, ошондуктан Анын балдары эмес.

6 О акылсыз, түшүнүгү жок эл, Теңирге кыларыңар ушубу? Сени тапкан, сени жараткан, сени жайгаштырган Атаң Ошол эмеспи?

7 Байыркы күндөрдү эстегин, өтүп кеткен уруулар жөнүндө ойлон. Атаңдан сура, ал сага айтып берет; карыяларыңдан сура, алар сага айтып беришет.

8 Бардыгынан Жогору Турган элдерди бөлүп, аларга жер бөлүп жатканда, Ысрайыл уулдарынын санына жараша чек араларды койгон.

9 Анткени Теңирдин үлүшү – Өз эли. Жакып – Анын мурастай турган энчиси.

10 Ал аны ээн талаа, эрме чөлдөн таап алган. Аны коргоп, багып, көзүнүн карегиндей сактаган.

11 Уясын коруп, балапандарынын үстүнөн айланып учкан, канатын жайып тосуп алып, канатынын үстүндө көтөрүп жүргөн бүркүттөй болуп,

12 Теңир аны жалгыз Өзү алып жүрдү, Анын жанында башка кудай болгон эмес.

13 Теңир аны бийик жерге алып чыгып, жердин жемиши менен багып, таштын арасынан бал чыгарып, аска-зоо арасынан май сыдырып,

14 уйдун майы менен, койдун сүтү менен, козулардын майлары менен, Башандын койлору, текелери менен, дандуу буудайлар менен бакты, жүзүм ширесинен ичирди.

15 Ошондо Ысрайыл эли семирип, кежир тартты. Толуп, жооноюп, көкүрөгүн май басты. Өзүн жараткан Кудайды таштады, өзүнүн куткарар таянычын жек көрө баштады.

16 Алар Аны башка кудайлары менен, жийиркеничтүү иштери менен каардантышты.

17 Кудайга эмес, жиндерге, өздөрү билбеген, ата-бабаларынын да оюна келбеген кошуна элдердин кудайларына, жаңы кудайларга курмандыктарды чалышты.

18 Сен өзүңдү жараткан Коргоочуңду, өзүңдү жараткан Теңирди унуттуң.

19 Теңир муну көрүп каарданып, Өз балдары менен кыздарынан баш тартып, мындай деди:

20 “Мен булардан жүзүмдү жашырам, ошондо булардын арты кандай болорун көрөм, анткени булар – бузулуп бүткөн тукум, ишенимсиз балдар.

21 Алар Мени эч нерсеге жарабаган жалган кудайлары менен каардантышты. Мен да буларды эл катары эсептелбеген акылсыз адамдар менен капа кылам.

22 Анткени Менин каарымдан от чыгып, өлгөндөр жаткан жайдын түбүнө чейин күйгүзүп жатат, жерди үстүндөгү өсүмдүктөрү менен кошо жалмап, тоонун түбүн өрттөп жатат.

23 Аларга мүшкүл түшүрөм, бүт жебелеримди коё берем.

24 Ачкачылыктан арыктап, жугуштуу оорудан кырылып өлүшөт. Жырткыч айбандар менен уулуу жыландарды жиберем.

25 Алардын сырттагылары кылычтан, үйүндөгү уландары, кыздары, эмчектеги балдары, ак чач баскан карылары коркунучтан өлүшөт.

26 Мен: «Аларды чачыратып, алардын атын адамдар арасынан өчүрөм», – деп айткам.

27 Бирок душман аларды: «Мунун баарын Теңир эмес, биздин күчтүү колубуз кылды», – деп табалап, басынтпашы үчүн, Мен айтканымды кылган жокмун.

28 Анткени алар – акылын жоготкон эл, аларда түшүнүк жок.

29 Оо, алар бул тууралуу ойлонуп, эмне болорун баамдаса кана!

30 Эгерде Коргоочусу салып бербесе, Теңири салып бербесе, анда бир киши миң кишини, эки киши түмөндү кантип кууп чыкмак эле!

31 Анткени алардын коргоочусу биздин Коргоочубуздай эмес. Буга душмандардын өздөрү калыс.

32 Анткени алардын жүзүмү Содом менен Амордун жүзүмүнөн. Алардын мөмөсү – уу, сабагы ачуу.

33 Шарабы – ажыдаардын уусу, уулуу жыландын мүрт өлтүрүүчү уусу.

34 Бул Менде катылып турат, Менин кампамда бекитилип турат.

35 Алар жыгылганда, Мен аларды жазалап, алардан өчүмдү алам, анткени алардын өлөр күнү жакын калды, аларга дайындалган жаза жакын калды”.

36 Бирок алардын күчү кетип, туткундагылары да, сырттагылары да калбай калганда, Теңир Өз элине Өзү өкүм чыгарып, Өз кулдарына Өзү ырайым кылат.

37 Ошондо Теңир мындай деп айтат: “Алардын таянган тиреги, үмүт кылган кудайлары кайда?

38 Алардын курмандыктарынын майын жеп, куюлуучу курмандыктарын ичкен кудайлары кайда? Кана, алар козголуп, орундарынан туруп, силерге жардам беришсинчи, силерге калканыч болушсунчу!

39 Өзүңөр көрүп турасыңар, бул – Мен, Кудаймын, Менден башка Кудай жок. Өлтүргөн да, тирилткен да Менмин, ооруткан да, айыктырган да Менмин. Менин колумдан эч ким куткарып ала албайт.

40 Мен колумду асманга көтөрүп, мындай деймин: «Мен түбөлүк тирүүмүн!»

41 Мен жаркылдаган кылычымды кайрап, өкүм чыгарам, душмандарымдан өч алам, Мени жек көргөндөрдү жазага тартам.

42 Жебелерим канга тоёт, кылычым денелерге, өлтүрүлгөндөр менен туткундардын канына, душмандын аскер башчыларынын башына тоёт”.

43 Элдер, Анын элин даңктагыла, анткени Ал кулдарынын каны үчүн өч алат, душмандарын жазалап, Өз жерин, Өз элин тазалайт!»

44 Муса Нундун уулу Жашыя менен элдин алдында туруп, ушул ырды элге угуза ырдап берди.

**Мусанын элге кайрылышы**

45 Муса бүткүл Ысрайыл элине ушул сөздөрдүн баарын айтып бүткөндөн кийин, мындай деди:

46 «Мен бүгүн силерге айткан сөздөрдүн баарын көңүлүңөргө түйүп, балдарыңарга айткыла. Бул мыйзамдын баарын аткарууга аракеттениши үчүн, балдарыңарга үйрөткүлө.

47 Анткени бул силерге айтылган курулай сөз эмес, бул силердин өмүрүңөр. Силер ээлеп алыш үчүн Иордандан өтүп барган жерде бул аркылуу узак өмүр сүрөсүңөр».

48 Ошол эле күнү Теңир Мусага мындай деди:

49 «Жерихонун каршысындагы Маап жериндеги бул Абарым тоолорунан Ныбо тоосуна чыгып, Мен Ысрайыл уулдарынын энчисине берген Канаан жерин карап көр.

50 Бир тууганың Арун Ор тоосунда көз жумуп, өз элине кошулгандай эле, сен да өзүң чыккан тоодо көз жумуп, өз элиңе кошуласың.

51 Анткени Син чөлүндө, Кадештеги Мериба суусунун боюнда, Ысрайыл уулдарынын алдында Мага каршы күнөө кылгансыңар, Ысрайыл уулдарынын алдында Менин ыйыктыгымды көрсөткөн эмессиңер.

52 Ысрайыл уулдарына берип жаткан жерди сен алыстан көрөсүң, бирок ал жерге кирбейсиң».

**33-БӨЛҮМ**

**Ысрайыл урууларына бата берүү**

1 Кудайдын кишиси Мусанын Ысрайыл уулдарына өлөр алдында берген батасы мындай:

2 «Теңир Синайдан келди, аларга Сеирден жаркырап көрүндү, Паран тоосунан көрүндү, сансыз ыйыктар менен келди. Анын оң жагында мыйзам оту жалындап турат.

3 Чынында, Ал Өз элин сүйөт. Анын ыйыктары Өз колунда, Сенин сөздөрүңдү угуш үчүн, алар бутуңа жыгылышты.

4 Муса бизге мыйзам берди, Жакыптын жамаатына мурас калтырды.

5 Ысрайыл уруулары менен бирге элдин башчылары чогулганда, ал Ысрайылга падыша болду.

6 Жашасын Рубейин, ал өлбөсүн, тукуму аз болбосун!»

7 Ал эми Жүйүт жөнүндө мындай деди: «Теңир, Жүйүттүн үнүн ук, аны өз элине алып кел. Ал өзүн өз колу менен коргой алсын, Сен ага душмандарына каршы күрөштө жардам бер».

8 Леби жөнүндө мындай деди: «Сенин уримиң менен тумимиң Сен Масада сынаган, Мериба суусунун боюнда Сени менен тирешкен ыйык адамыңдын үстүндө.

9 Ал атасы менен энеси жөнүндө: “Мен аларды карабайм”, – деп айтат. Ал өз бир туугандарын да тааныбайт, өз балдарын да билбейт. Анткени алар – Сенин сөзүңдү аткарган, Сенин келишимиңди сактаган лебилер.

10 Алар Жакыпка Сенин мыйзамыңды, Ысрайылга Сенин осуяттарыңды үйрөтүшөт, Сенин алдыңда жыпар жыттуу зат түтөтүп, Сага арнап бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктарды чалышат.

11 Анын күч-кубатына батаңды бер, Теңир, анын иштерине ийгилик бер, анын алдында туруштук бере албашы үчүн, ага каршы чыккандардын, аны жек көргөндөрдүн белин сындыр».

12 Бенжемин жөнүндө мындай деди: «Теңир сүйгөн адам Анын алдында бейкапар жашайт, ар күнү аны Кудай калкалайт, ал Кудайдын жеринде коопсуз жашайт».

13 Жусуп жөнүндө мындай деди: «Теңир анын жерин асман байлыктары менен, шүүдүрүм менен, жердин түпкүрүндө жаткан байлыктар менен,

14 күн менен айдын астында өскөн эң жакшы жемиштер менен,

15 байыркы тоолордо, түбөлүктүү дөбөлөрдө өскөн эң сонун мөмөлөр менен,

16 жерди толтурган эң жакшы түшүм менен жалгасын. Тикенектүү бадалга Келгендин батасы Жусупка тийсин, бир туугандарынын ичинен эң жакшысына тийсин.

17 Анын күчү биринчи туулган буканыкындай, мүйүзү буйволдун мүйүзүндөй. Ал мүйүзү менен бүт элдерди жердин түбүнө чейин сүзө качырсын. Бул – Эпрайымдын түмөндөгөн тукуму, бул – Менашенин миңдеген тукуму».

18 Забулун жөнүндө мындай деди: «Өз жолуңда ойноп-күл, Забулун. Өз чатырыңда көңүл ач, Исахар.

19 Алар тоого эл чакырып, ал жерде ыраазычылык курмандыктарын чалышат, анткени алар деңиз байлыктары менен азыктанып, кумдун ичинде жаткан кенчке бөлөнүшөт».

20 Гат жөнүндө мындай деди: «Гат тукумун Тараткanga даңк! Ал арстандай болуп жатат, колду да, башты да талкалайт.

21 Ал жердин жакшысын тандап алды, ошол жерде ал башчынын энчисин алып урматка бөлөндү. Ал эл башчылары менен келип, Теңирдин адилеттигин жана өкүмдөрүн Ысрайыл менен бирге ишке ашырды».

22 Дан жөнүндө мындай деди: «Башандан чуркап чыккан Дан – жаш арстан».

23 Напталы жөнүндө мындай деди: «Напталы жакшылыкка тунган, Теңирдин батасын мол алган. Деңиз менен түштүк тарап ага таандык».

24 Ашыр жөнүндө мындай деди: «Башка уулдарынын ичинен Ашырга көбүрөөк бата тийген, ал бир туугандарынын арасында кадырлуу, бутун майга малат.

25 Дарбазаларың темир менен жезден болот, байлыгың күн санап көбөйөт.

26 Булуттардын үстүндө атак-даңкы менен асмандан сага жардамга келген Ысрайылдын Кудайындай Кудай жок.

27 Сенин баш паанаң – байыркы Кудай, сени түбөлүктүү колдор коргойт. Ал сенин алдыңдан душмандарыңды кууп чыгып: “Кыргыла!” – дейт.

28 Ысрайыл коопсуз жашайт, ал жалгыз. Жакып данга бай, шарабы мол, асмандан шүүдүрүм тамчылаган жерди көрүп турат.

29 Бактылуусуң сен, Ысрайыл! Теңир сактаган сендей эл барбы? Ал сенин коргоочу калканың, даңктуу кылычың! Душмандарың сага жасакерленишет, сен алардын бийик жерлерин тебелеп-тепсейсиң».

**34-БӨЛҮМ**

**Мусанын жерлерди көрүшү жана көз жумушу**

1 Муса Маап түздүгүндөгү Жерихонун каршысындагы Ныбо тоосунун Пизги чокусуна чыкты. Теңир ага Гилаттан Данга чейинки жерлерди,

2 Напталынын жерин, Эпрайым менен Менашенин жерин, Жүйүттүн жерин, атүгүл, күн батыштагы деңизге чейинки жерлерди,

3 түштүк жерлерин, Жерихо өрөөнүн, Курма шаарын, Соарга чейинки жерлерди көрсөттү.

4 Анан Теңир ага мындай деди: «Ыбрайымга, Ыскакка, Жакыпка: “Сенин тукумуңа берем,” – деп убада кылган жер мына ушул. Бул жерди Мен сага көрсөттүм, бирок сен ага кирбейсиң».

5 Теңирдин кулу Муса Теңирдин сөзү боюнча Маап жеринде көз жумду.

6 Ал Бейт-Пейордун маңдайындагы Маап жериндеги өрөөнгө коюлду, ал коюлган жерди бүгүнкү күнгө чейин эч ким билбейт.

7 Муса жүз жыйырма жашка чыгып көз жумду. Жүз жыйырма жашында да анын көзүнүн курчу кеткен эмес, алдан-күчтөн тайган эмес.

8 Ысрайыл уулдары Маап түздүгүндө Мусаны жоктоп, отуз күн аза күтүп ыйлашты. Ошентип, Мусаны жоктоп ыйлаган аза күтүү күндөрү да өттү.

**Анын орун басары – Нундун уулу Жашыя**

9 Нундун уулу Жашыя акылмандыктын рухуна толду, анткени Муса ага колун койгон эле. Ошондуктан Ысрайыл уулдары ага баш ийип, Теңир Мусага буйругандай кылышты.

10 Ошондон кийин Ысрайылда Теңир жүзмө-жүз сүйлөшкөн Мусадай пайгамбар болгон жок.

11 Теңир аны Мисир жериндеги фараонго, анын кулдарына, анын бүт жерине жышаандарды, кереметтерди көрсөтүш үчүн жиберген.

12 Муса ал улуу иштерди, зор кереметтерди бүткүл Ысрайыл элинин көз алдында көрсөткөн.

**Нундун уулу ЖАШЫЯ**

**1-БӨЛҮМ**

**Кудайдын Нундун уулу Жашыяга берген буйругу**

1 Теңирдин кулу Муса каза болгондон кийин, Мусанын кызматчысы Нундун уулу Жашыяга Теңир мындай деди:

2 <Менин кулум Муса көз жумду. Эми сен тур, Мен Ысрайыл уулдарына берип жаткан жерге Ысрайыл уулдары менен бирге мына бул Иордан аркылуу өт.

3 Мусага айтканымдай, бутуңар баскан жердин баарын Мен силерге берем.

4 Чөлдөн жана мына бул Лебанон жеринен улуу Эфрат дарыясына чейинки хеттиктердин бардык жери, ошондой эле батыштагы улуу деңизге чейинки аймак силердики болот.

5 Өмүрүң өткөнчө сага эч ким туруштук бере албайт. Мен Муса менен кандай болсом, сени менен да ошондой болом. Сенден четтебейм, сени таштабайм.

6 Бекем, кайраттуу бол. Анткени Мен ата-бабаларына берем деп убада кылган жерди бул элдин карамагына сен өткөрүп бересиң.

7 Болгону, бекем, өтө кайраттуу бол, сага Менин кулум Муса берген мыйзамды так сактагын жана аткаргын, бардык иштериңди акылмандуулук менен кылуу үчүн, андан оңго да, солго да бурулба.

8 Бул мыйзам китебинде жазылгандар оозуңдан түшпөсүн, анда жазылгандардын бардыгын так аткарыш үчүн, алар жөнүндө күнү-түнү ой жүгүрт, ошондо сен өз жолдоруңда ийгиликке жетишесиң жана акылмандуулук менен иш кыласың.

9 Мен сага буйрук кылам: бекем, кайраттуу бол, жалтанба да коркпо, анткени сен кайда барсаң, Кудай-Теңириң ошол жерде сени менен болот>.

**Иордандан өтүүгө даярдык көрүү**

10 Анан Жашыя эл башчыларга мындай деп буйрук берди:

11 <Станды аралап, элге мындай буйрук бергиле: "Жолуңарга азык камдагыла, анткени үч күндөн кийин, ата-бабаңардын Кудай-Теңири силерге мурас кылып берген жерди алганы барыш үчүн, Иордандын ары жагына өтөсүңөр">.

12 Ал эми Рубейин, Гат уруусуна жана Менашенин жарым уруусуна Жашыя мындай деди:

13 <Теңирдин кулу Муса силерге эмне буйруганын эстегиле. Ал мындай деген: "Кудай-Теңириңер силерди тынчтандырып, силерге ушул жерди берди.

14 Аялдарыңар, балдарыңар жана малыңар Иордандын ары жагында, Муса берген жерде калсын. Ал эми силер, согушка жарактууларыңар, куралданып алып, бир туугандарыңардын алдында баргыла да, аларга жардамдашкыла.

15 Теңир силер сыяктуу эле силердин бир туугандарыңарды да тынчтандырмайынча, Кудай-Теңириңер берген жерди алар мурас кылып алышмайынча, аларга жардамдашкыла. Ошондон соң мурасыңарга

кайрылып келгиле да, Теңирдин кулу Муса Иордандын ары жагынан, чыгыш тараптан берген жерди ээлегиле">.

16 Алар Жашыяга жооп кылып: <Бизге эмне буйрусаң, ошонун бардыгын жасайбыз, кайда жиберсең, барабыз.

17 Биз Мусаны кандай уксак, сени да ошондой угабыз. Кудай-Теңириң Муса менен болгондой, сени менен да болсун.

18 Сенин буйругуңа каршы чыккан, сен буйрук кылып айткан сөздөрүңдүн бардыгына кулак салбаган ар ким өлүм жазасына тартылат. Болгону, сен бекем, кайраттуу бол!> - дешти.

**2-БӨЛҮМ**

**Чалгынчылар жана Рахап**

1 Нундун уулу Жашыя Шитимден эки чалгынчыны жашыруун жиберип жатып, аларга: <Барып, жерди жана Жерихону көрүп келгиле>, - деди. Экөө жөнөп кетти да, Рахап деген бузулган аялдын үйүнө келип, ошол жерде түнөп калышты.

2 Ошондо Жерихо падышасына <Түндө бул жакка Ысрайыл уулдарынан кишилер жер чалууга келишти> деген кабар жетти.

3 Жерихо падышасы бузулган аял Рахапка мындай деп айттырды: <Сенин үйүңө келген кишилерди бизге чыгарып бер, анткени алар биздин бардык жерлерибизди байкаганы келишти>.

4 Бирок аял ал эки кишини жашырып койду да: <Мага кишилердин келгени чын, бирок алардын кайдан келгенин билген эмесмин.

5 Алар күүгүм киргенде, дарбаза жабыларда кетип калышкан. Кайда кетишкенин билбейм, тезирээк артынан куугула, аларды кууп жетесиңер>, - деди.

6 Өзү болсо аларды үйүнүн үстүнө алып чыгып, үйүнүн үстүндө жаткан зыгыр боолорунун арасына жашырып койду.

7 Куугунчулар аларды Иорданды карай кеткен жол менен дарыянын өткөөлүнө чейин кууп кетишти. Куугунчулар чыгып кетер замат дарбаза бекиди.

8 Тигил эки киши жата электе аял үйдүн үстүнө чыгып,

9 аларга мындай деди: <Теңир бул жерди силерге бергенин билем, анткени силер бизге коркунуч туудурдуңар, бул жерде жашагандар силерден коркуп жатышат.

10 Анткени Мисирден чыкканыңарда, Теңир силердин көз алдыңарда Кызыл деңиздин ортосун кургатканын, Иордандын ары жагындагы аморлуктардын эки падышасы Сихон менен Огду кандай кылып кыйратканыңарды укканбыз.

11 Бул жөнүндө укканыбызда, жүрөгүбүз түшүп, силерге каршы турууга эч кимибиз батынбай калдык, анткени силердин Кудай-Теңириңер жогорудагы асмандын да, төмөндөгү жердин да Кудайы экен.

12 Ошондуктан мен силерге ырайым кылгандай, силер да атамдын үйүнө ырайым кылабыз деп, Теңир менен ант бергиле.

13 Атамды, энемди, ага-инилеримди, эже-сиңдилеримди жана алар менен жашагандардын бардыгын тирүү калтырып, жаныңарды сактап калабыз деп, мага ишенимдүү белги калтыргыла>.

14 Ал кишилер аялга мындай дешти: <Эгерде силер бул ишибизди ачпасаңар, силердин ордуңарга биздин жан кыйылсын. Теңир бизге жерди бергенден кийин, биз сага ырайым жана адилеттик кылабыз>.

15 Аял аларды аркан менен терезеден түшүрүп койду, анткени анын үйү шаар дубалында болчу, ал дубалда жашачу.

16 Аял аларга: <Куугунчулар алдыңардан чыгып калбашы үчүн, тоого бара тургула, силерди кубалап кеткендер кайрылып келгиче, үч күн ошол жерде жашына тургула. Андан соң жолго чыксаңар болот>, - деди.

17 Тигил кишилер аялга мындай дешти: <Эгерде мындай кылбасаң, анда биз сага берген антыбыздан бош болобуз:

18 биз бул жерге келгенде, бизди түшүрүп койгон терезеңе бул кызыл арканды байлап кой да, атаң менен энеңди, бир туугандарыңды, атаңдын бардык урук-тууганын үйүңө чогулт.

19 Эгерде үйүңдөн бирөө сыртка чыга турган болсо, анын каны өз мойнунда болот, анда биз сага берген антыбыздан бош болобуз. Ал эми сенин үйүңдөгү адамга бирөөнүн колу тийсе, анда анын каны биздин мойнубузда.

20 Эгерде сен биздин бул ишибизди ача турган болсоң, анда дагы сага берген антыбыздан бош болобуз>.

21 Аял аларга: <Силер айткандай болсун!> - деди да, аларды коё берди. Алар жөнөп кетишти. Аял болсо кызыл арканды терезеге байлап койду.

22 Алар жөнөп кетишип, тоого келишти да, аларды кууган куугунчулар кайрылып келгенче, үч күн ошол жерде болушту. Куугунчулар аларды жолдордун баарынан издеп, таппай коюшту.

23 Ошентип, ал эки киши артка кайрылып, тоодон түшүп, Иордандан өтүп, Нундун уулу Жашыяга келди. Эмне болгонунун баарын айтып берди.

24 Алар Жашыяга: <Теңир ал жердин баарын бизге бериптир, ал жерде жашагандардын баары бизден коркуп жатышыптыр>, - дешти.

**3-БӨЛҮМ**

**Иордандан өтүү**

1 Жашыя эртең менен эрте турду. Жашыя жана Ысрайылдын бардык уулдары Шитимден чыгып, Иорданга келишти да, андан өтпөй, ошол жерде түнөп калышты.

2 Үч күндөн кийин эл башчылар станды аралап,

3 элге мындай деп буйрук беришти: <Кудай-Теңириңердин келишим сандыгын, сандыкты көтөрүп бара жаткан ыйык кызмат кылуучулар менен лебилерди көргөнүңөрдө, силер да ордуңардан козголуп, алардын артынан жөнөгүлө.

4 Бирок силер менен алардын ортосундагы аралык эки миң чыканактай болсун. Кайсы жол менен баруу керек экенин билишиңер үчүн, аларга жакындабагыла, анткени силер бул жол менен мурун баскан эмессиңер>.

5 Жашыя элге кайрылып, мындай деди: <Ыйыкталгыла, анткени Теңир эртең силердин араңарда кереметтерди көрсөтөт>.

6 Ыйык кызмат кылуучуларга болсо Жашыя мындай деди: <Келишим сандыгын алып, элдин алдында баскыла>. Ыйык кызмат кылуучулар келишим сандыгын көтөрүп, элдин алдында басышты.

7 Ошондо Теңир Жашыяга мындай деди: <Мен Муса менен болгондой эле, сени менен да болорумду бардык Ысрайыл уулдары билиши үчүн, бүгүндөн тартып Мен сени алардын алдында даңазалай баштайм.

8 Сен болсо келишим сандыгын көтөрүп бара жаткан ыйык кызмат кылуучуларга мындай деп буйрук бер: "Иорданга кирериңер менен, Иорданда токтоп тургула">.

9 Жашыя Ысрайыл уулдарына мындай деди: <Бул жакка келгиле, Кудай-Теңириңердин сөзүнө кулак салгыла>.

10 Жашыя дагы мындай деди: <Канаандыктарды да, хеттиктерди да, хибиликтерди да, периздиктерди да, гиргештиктерди да, аморлуктарды да, жебустуктарды да силердин алдыңардан кууп чыга турган тирүү Кудай араңарда экенин мындан билесиңер:

11 бүт жердин Теңиринин келишим сандыгы силердин алдыңарда Иордандан өтөт.

12 Ысрайыл урууларынын ичинен он эки киши: ар бир уруудан бирден киши алгыла.

13 Бүт жердин Эгедеринин, Теңирдин, сандыгын көтөрүп бара жаткан ыйык кызмат кылуучулардын таманы Иордан суусуна тиери менен, Иордан суусу тартылат да, жогору жактан аккан суу дубалдай тирелип туруп калат>.

14 Ошентип, Иордандан өтүш үчүн, эл чатырларынан козголду, ыйык кызмат кылуучулар элдин алдында келишим сандыгын көтөрүп жөнөштү.

15 Сандык көтөргөндөр Иордан суусуна кирери менен, сандык көтөргөн ыйык кызмат кылуучулардын буту Иордан суусуна тиери менен (Иордан дарыясы болсо эгин оруу маалында жээктеринен чыгып, ташып турат),

16 жогору жактан аккан суу токтоп, Саретандын жанындагы Адам шаарына чейинки эң чоң аралыкка дейре дубал болуп тирелип калды. Ал эми түздүктөгү Туздуу деңизге аккан суу соолуп калды.

17 Анан эл Жерихонун тушунан өттү. Теңирдин келишим сандыгын көтөргөн ыйык кызмат кылуучулар Иордандын ортосундагы кургак жерде бекем турду. Ысрайыл уулдарынын баары кургак жер менен өтүп жатышты, бүткүл эл өтүп бүткөнчө ошондой болду.

**4-БӨЛҮМ**

**Эки эстелик**

1 Бүткүл эл Иордандан өткөн соң, Теңир Жашыяга мындай деди:

2 <Элдин арасынан он эки киши: ар бир уруудан бирден киши тандап алгыла.

3 Анан аларга мындай деп буйрук бергиле: "Силер бул жерден, Иордандын ортосунан, ыйык кызмат кылуучулардын буттары бекем турган жерден, он эки таш алып, өзүңөр менен кошо алып өткүлө да, түнөй турган жериңерге алып барып койгула">.

4 Жашыя Ысрайыл уулдарынан дайындаган он эки кишини: ар бир уруудан бирден кишини чакырып алды.

5 Анан аларга мындай деди: <Кудай-Теңириңердин келишим сандыгынын алдына түшүп, Иордандын ортосуна баргыла да, Ысрайыл урууларынын санына жараша ар бириңер бирден таш алып, он эки ташты ийиниңерге коюп, көтөрүп келгиле.

6 Алар силер үчүн белги болсун. Кийин балдарыңар силерден: "Бул таштар эмнени билдирет?" - деп сурай турган болсо,

7 аларга мындай деп айтасыңар: "Теңирдин келишим сандыгынын алдында Иордан суусу тең бөлүнгөн. Эл Иордандан өтүп бара жатканда, Иордан суусу экиге бөлүнгөн". Ошентип, бул таштар Ысрайыл уулдары үчүн түбөлүккө эстелик болот>.

8 Жашыя кандай буйруса, Ысрайыл уулдары ошондой кылышты. Алар Теңир Жашыяга кандай айтса, ошондой кылып, Ысрайыл урууларынын санына жараша Иордандын ортосунан он эки таш алып, аларды көтөрүп келип, түнөй турган жерине коюшту.

9 Жашыя дагы башка он эки таш алып, келишим сандыгын көтөргөн ыйык кызмат кылуучулардын буттары турган жерге - Иордандын ортосуна койду. Алар ушул күнгө чейин бар.

10 Муса Жашыяга айткандай, Теңирдин Жашыяга элге айт деп буйругандарынын баары аткарылып бүтмөйүнчө, сандык көтөргөн ыйык кызмат кылуучулар Иордандын ортосунда турушту. Эл болсо ошол учурда шашылыш түрдө өтүп жатты.

11 Бүткүл эл Иордандан өтүп бүткөндө гана Теңирдин келишим сандыгын көтөргөндөр, эл алдында жүргөн ыйык кызмат кылуучулар өтүштү.

12 Анан Муса айткандай, куралданган Рубейин, Гат уулдары, Менашенин жарым уруусу Ысрайыл уулдарынын алдына өтүштү.

13 Куралданган кырк миңге жакын киши салгылашуу үчүн, Теңирдин алдында Жерихо түздүгүнө өттү.

14 Ошол күнү Теңир бүткүл Ысрайыл элинин алдында Жашыяны даңазалады. Ошондон тартып, Ысрайыл эли Мусадан анын өмүрү өткөнчө корккондой, Жашыядан да коркуп калды.

15 Анан Теңир Жашыяга мындай деп айтты:

16 <Келишим сандыгын көтөргөн ыйык кызмат кылуучуларга: "Иордандан чыккыла", - деп буйрук бер>.

17 Жашыя ыйык кызмат кылуучуларга: <Иордандан чыккыла>, - деп буйрук берди.

18 Ошондо Теңирдин келишим сандыгын көтөргөн ыйык кызмат кылуучулар Иордандан чыгып, тамандары жерге тиери менен, Иордан суусу өз нугуна түшүп, жээктеринен ашып-ташып, мурункудай ага баштады.

19 Биринчи айдын онунчу күнү эл Иордандан чыгып, Жерихонун чыгыш тарабындагы Гилгалга чатырларын тикти.

20 Алар Иордандан алган он эки ташты Жашыя Гилгалга койду.

21 Анан Ысрайыл уулдарына мындай деди: <Кийин балдарыңар аталарынан: "Бул таштар эмнени билдирет?" - деп сурап калышса,

22 балдарыңарга: "Ысрайыл эли ушул Иордан дарыясынан, кургак жер менен өткөн", - деп айткыла.

23 Биз өтүп бүткөнчө, Кудай-Теңириңер Кызыл деңиздин ортосун биздин көз алдыбызда кургаткандай эле, силер өтүп бүткөнчө, Кудай-Теңириңер силер үчүн Иордан суусунун ортосун кургаткан.

24 Жер жүзүндөгү бардык эл Теңирдин колу күчтүү экенин билиши үчүн жана силер өмүрүңөр өткөнчө Теңирден коркушуңар үчүн ошенткен>.

**5-БӨЛҮМ**

**Гилгалда сүннөткө отургузуу**

1 Иордандын ары жагында, деңиз тарапта жашаган аморлуктардын падышалары жана деңиз жээгиндеги Канаан падышалары Ысрайыл уулдарынын алдында, алар өтүп кеткенче Теңир Иордан суусун агызбай тартып турганын угушканда, жүрөктөрү түшүп, Ысрайыл уулдарына каршы турууга кайраттары калбай калды.

2 Ошол учурда Теңир Жашыяга мындай деди: <Таш бычактарды жасап, Ысрайыл уулдарын экинчи мертебе сүннөткө отургуз>.

3 Жашыя таш бычактарды жасап, <Сүннөт дөбөсү> деген жерде Ысрайыл уулдарын сүннөткө отургузду.

4 Ысрайыл уулдарын Жашыя сүннөткө отургузганынын себеби бул: Мисирден чыккандан кийин, согушка жарактуу эркектер чөлдө келе жатканда кырылып калышкан.

5 Мисирден чыккан эл сүннөткө отургузулган, бирок Мисирден келе жатканда, чөлдө төрөлгөндөр сүннөткө отургузулган эмес.

6 Анткени Мисирден чыккандардын согушка жарактуулары, Теңирдин үнүн укпай койгондору кырылып бүткөнчө, Ысрайыл уулдары кырк жыл чөлдө жүрүштү. Теңир алардын ата-бабаларына, бизге берем деп ант берген сүт менен бал аккан жерди көрбөйсүңөр деп ант берген.

7 Алардын ордун балдары басты. Жашыя аларды сүннөткө отургузду, анткени алар сүннөткө отургузула элек болчу, жолдо аларды сүннөткө отургузушкан эмес.

8 Элдин баары сүннөткө отургузулгандан кийин, айыккыча өз станында, өз ордунда калды.

9 Анан Теңир Жашыяга мындай деди: <Бүгүн Мен силерден Мисирдеги маскаралыгыңарды алып салдым>. Ошол себептүү ал жер бүгүнкү күнгө чейин <Гилгал> деп аталат.

10 Ысрайыл уулдары станы менен Гилгалда турушту да, айдын он төртүнчү күнү кечинде Жерихо түздүгүндө Пасах майрамын өткөрүштү.

11 Пасахтын эртеси бул жердин жемиштеринен жей башташты, ачыткысыз нан менен куурулган данды дал ошол күндөн баштап жей башташты.

12 Алар бул жердин жемиштеринен жей баштаган экинчи күндөн тартып, асмандан манна түшпөй калды, ошондон баштап Ысрайыл уулдарында манна болгон жок, бирок ошол жылы алар Канаан жеринин жемиштеринен жешти.

**Нундун уулу Жашыя жана периште**

13 Жашыя Жерихого жакын жерде турган эле. Анан ал башын көтөрүп караса, колунда жалаңдаган кылычы бар киши турган экен. Жашыя жанына келип: <Биздин кишисиңби же душмандарыбыздансыңбы?> - деп сурады.

14 Ал мындай деп жооп берди: <Жок, мен Теңирдин кошуундарынын жол башчысымын, эми бул жерге келдим>. Ошондо Жашыя жерге жүзтөмөндөп жыгылып таазим кылып, андан: <Менин мырзам өз кулуна эмне дейт?> - деп сурады.

15 Теңир кошуунунун жол башчысы Жашыяга мындай деди: <Бутуңдагы бут кийимиңди чеч, анткени сен турган жер ыйык>. Жашыя ошондой кылды.

16 Жерихонун эшиги жабылды, Ысрайыл уулдарынан корккондуктан, анын эшигин жаап коюшту. Андан эч ким чыккан да жок, ага эч ким кирген да жок.

**6-БӨЛҮМ**

**Жерихонун кыйрашы**

1 Ошондо Теңир Жашыяга мындай деди: <Мына, Мен Жерихону, анын падышасын жана андагы эң күчтүү адамдарды сенин колуңа салып берип жатам.

2 Согушка жарактуулардын бардыгы шаарды курчап, аны күнүнө бир жолу айланып чыксын. Алты күн ошенткиле.

3 Жети ыйык кызмат кылуучу кочкордун мүйүзүнөн жасалган жети сурнайын келишим сандыгынын алдында алып жүрсүн. Жетинчи күнү болсо шаарды жети жолу айлангыла, ыйык кызмат кылуучулар сурнай тартышсын.

4 Кочкордун мүйүзүнөн жасалган сурнай тартылганда, сурнай үнүн укканыңарда, бүткүл эл жер жаңырта кыйкырык салсын. Ошондо шаардын дубалдары түбүнө чейин урайт. Бүт эл, алардын ар бири турган жеринен шаарга бет алсын>.

5 Нундун уулу Жашыя Ысрайылдын ыйык кызмат кылуучуларын чакырып, аларга мындай деди: <Келишим сандыгын көтөрүп жүргүлө. Жети ыйык кызмат кылуучу болсо Теңирдин келишим сандыгынын алдында кочкордун мүйүзүнөн жасалган жети сурнайды көтөрүп жүрсүн>.

6 Анан элге кайрылып, мындай деди: <Баргыла, шаарды айланып чыккыла. Курал-жаракчандар болсо Теңирдин келишим сандыгынын алдында жүрүшсүн>.

7 Жашыя элге ушинтип айткандан кийин, Теңирдин алдында кочкордун мүйүзүнөн жасалган жети сурнайды көтөрүп жүргөн жети ыйык кызмат кылуучу сурнайларын тартты, алардын артынан Теңирдин келишим сандыгын көтөрүп жөнөштү.

8 Курал-жаракчандар сурнай тарткан ыйык кызмат кылуучулардын алдына түшүштү. Келишим сандыгынын артында бара жаткандар сурнайларын тартып бара жатышты.

9 Жашыя элге мындай деп буйрук берди: <Кыйкырбагыла, үнүңөрдү эч ким укпасын, мен силерге "Кыйкыргыла!" демейинче, оозуңардан сөз чыкпасын, буйрук берген күнү гана жапырт кыйкыргыла>.

10 Ошентип, Теңирдин келишим сандыгы шаарды бир айланып чыкты. Алар станга келип, ошол жерде түнөштү.

11 Экинчи күнү Жашыя эртең менен эрте турду. Ыйык кызмат кылуучулар Теңирдин келишим сандыгын көтөрүп жөнөштү.

12 Теңирдин сандыгынын алдында кочкордун мүйүзүнөн жасалган жети сурнайды көтөрүп жүргөн жети ыйык кызмат кылуучу сурнайларын тартып бара жатышты. Курал-жаракчандар алардын алдында, калган эл Теңирдин келишим сандыгынын артында сурнай тартып бара жатышты.

13 Андан кийинки күнү да шаарды так ошондой эле бир айланып, станга кайтып келишти. Алты күн бою ошентишти.

14 Жетинчи күнү таң атары менен турушуп, шаарды так ошондой эле жети айланып чыгышты, ошол күнү гана шаарды жети айланышты.

15 Ыйык кызмат кылуучулар сурнайларын жетинчи жолу тартышканда, Жашыя элге мындай деди: <Кыйкыргыла, анткени Теңир шаарды силерге берди!

16 Шаар каргышка калат, андагынын баары Теңирдики. Бузулган аял Рахап жана анын үйүндөгүлөр гана тирүү калсын, анткени ал биз жөнөткөн чалгынчыларды жашырып калган.

17 Бирок өзүңөр каргышка калбас үчүн, каргышка калган нерселерден сактангыла. Ысрайыл уулдарынын станын каргышка калтырбас үчүн, аларга мүшкүл түшүрбөс үчүн, каргышка калган нерселерден эч нерсе албагыла.

18 Алтын-күмүштүн бардыгы, жез, темир идиштердин бардыгы Кудайдын ыйык буюмдары болуп, Теңирдин казынасына кирсин>.

19 Ошондо эл кыйкырды, ыйык кызмат кылуучулар сурнайларын тартышты. Сурнайлардын үндөрүн угар замат, эл жер жаңырта жапырт кыйкырды. Ошондо шаар дубалдары түбүнө чейин урап, эл шаарга бет алды, ар ким туш-тушунан качырып кирип, шаарды басып алышты.

20 Шаардагы эркектерди да, аялдарды да, жашты да, карыны да, койлорду да, өгүздөрдү да, эшектерди да - бардыгын кылычтап кырып салышты.

21 Жер чалганы барган баягы эки жигитке Жашыя мындай деди: <Бузулган аялга баргыла да, аны жана анын үйүндөгүлөрдү алып чыккыла, анткени силер ага ант берип койгонсуңар>.

22 Шаарды чалган жигиттер аялдын үйүнө барып, Рахаптын өзүн да, атасын да, энесин да, бир туугандарын да - анын үйүндөгүлөрүнүн бардыгын, урук-тууганы менен үйүнөн алып чыгып, Ысрайыл станынын сыртына алып барышты.

23 Шаарды жана анда болгондордун бардыгын өрттөп жиберишти. Алтын-күмүштөрдү, жез, темир идиштерди гана Теңир үйүнүн казынасына беришти.

24 Ал эми бузулган аял Рахапты жана анын атасынын үй-бүлөсүн, анын үйүндөгүлөрүнүн бардыгын Жашыя тирүү калтырды, ал аял бүгүнкү күнгө чейин ысрайылдыктардын арасында жашайт, анткени ал Жерихону байкаш үчүн Жашыя жөнөткөн чалгынчыларды жашырып койгон эле.

25 Ошол учурда Жашыя мындай каргыш айтты: <Ким Жерихо шаарын кайра калыбына келтире турган болсо, ал Кудайдын алдында каргышка калсын. Ким анын пайдубалын тургузса, тун баласынан ажырайт, дарбазасын орнотсо, кенже баласынан ажырайт>.

26 Теңир Жашыя менен болду. Анын даңкы бүт жер жүзүнө тарады.

**7-БӨЛҮМ**

**Ахандын күнөөсү**

1 Бирок Ысрайыл уулдары кылмыш кылып, каргышка калган нерселерден катып алышты. Жүйүт уруусунан Зерактын уулу, Забдийдин уулу, Карминин уулу Ахан каргышка калгандардан катып алды. Ошондо Ысрайыл уулдарына Теңирдин каары кайнады.

2 Бейтелдин чыгыш тарабындагы Бейт-Абенге жакын турган Ай шаарына Жашыя Жериходон кишилерди жөнөтүп, аларга мындай деди: <Барып, жерди көрүп келгиле>. Алар жөнөп кетишти да, Айды карап келишти.

3 Анан Жашыяга кайтып келип, мындай дешти: <Бардык эл барбасын, эки же үч миңге жакын адам барып, Айды басып алсын. Бүт элди убара кылып, ал жакка жибербе, анткени ал жердеги эл аз эле экен>.

4 Ошентип, элдин арасынан ал жакка үч миңге жакын киши кетти. Бирок алар Айдын тургундарынан качып жөнөштү.

5 Айдын тургундары алардын отуз алты кишисин өлтүрүштү, аларды шаар дарбазасынан Шебаримге чейин сая кууп жетип, тоонун эңкейишинде талкалашты. Ошондо элдин үмүтү үзүлүп, көңүлү чөктү.

6 Жашыя жана аны менен кошо Ысрайыл аксакалдары кийимдерин айрып, Теңир сандыгынын алдына көмкөрөсүнөн кулап, кечке чейин жатышты, баштарына күл чачышты.

7 Анан Жашыя мындай деди: <Оо Эгедер Теңир! Бизди аморлуктардын колуна салып берип, кырдыра турган болсоң, эмне үчүн элди Иордандан өткөрдүң? Оо, Иордандын ары жагында эле жашап калсак эмне!

8 Оо Теңир! Ысрайыл душмандан качкандан кийин, мен эмне айтмак элем?

9 Канаандыктар менен жер бетинин тургундары муну угуп, бизди курчоого алышат, биздин атыбызды жер үстүнөн өчүрүшөт. Ошондо Өзүңдүн улуу ысымыңа эмне кыласың?>

10 Ошондо Теңир Жашыяга мындай деди: <Тур, эмне үчүн жүзтөмөндөп жыгылдың?

11 Ысрайыл күнөө кылды. Аларга берген Менин келишимимди бузушту, каргышка калган нерселерден уурдап, жашырып, өз буюмдарынын арасына катып алышты.

12 Мына ошон үчүн Ысрайыл уулдары кас душмандарына туруштук бере албай, душманынан качып жөнөштү, анткени алар каргыштын астында калышты. Эгерде араңардагы каргышка калгандарды жок кылбасаңар, Мен силер менен мындан ары болбойм.

13 Тур, элди ыйыкта. Аларга мындай де: "Таң атканга чейин ыйыкталгыла, анткени Ысрайылдын Кудай-Теңири мындай дейт: "Каргышка калган нерсе сенин ичиңде, Ысрайыл, каргышка калган нерсени өзүңдөн алып салмайынча, кас душмандарыңа туруштук бере албайсың"".

14 Эртең эртең менен уруу-уруу болуп келгиле. Теңир көрсөткөн уруу тукум-тукум болуп келсин. Ал эми Теңир көрсөткөн тукум үй-бүлө-үй-бүлө болуп келсин. Теңир көрсөткөн үй-бүлөдөгүлөр бир-бирден келсин.

15 Каргышка калган нерсени уурдап айыбы ачылган адамды отко өрттөп жиберишсин, Теңирдин келишимин бузуп, Ысрайылдын ичинде мыйзамсыз иш кылганы үчүн, өзүн жана ага тиешелүү нерселердин бардыгын өрттөшсүн>.

16 Жашыя эртең менен эрте туруп, Ысрайылга: <Уруу-уруу болуп келгиле>, - деп буйрук кылды. Ошондо Жүйүт уруусу көрсөтүлдү.

17 Анан ал Жүйүт уруусу келсин деп буйрук кылды. Ошондо Зерактын тукуму көрсөтүлдү. Зерактын тукумуна үй-бүлө-үй-бүлө болуп келсин деп буйрук кылды, ошондо Забдийдин үй-бүлөсү көрсөтүлдү.

18 Анын үй-бүлөсүндөгүлөр бир-бирден келсин деп буйрук кылды. Ошондо Жүйүт уруусунан Зерактын уулу, Забдийдин уулу, Карминин уулу Ахан көрсөтүлдү.

19 Ошондо Жашыя Аханга мындай деди: <Уулум! Теңирди, Ысрайылдын Кудайын, даңазала, Анын алдында күнөөңдү мойнуңа ал, анан эмне кылганыңды мага айт, менден жашырба>.

20 Ахан болсо Жашыяга мындай деп жооп берди: <Ысрайылдын Кудай-Теңиринин алдында күнөөгө батканым чын, мен мындай кылдым:

21 олжолордун арасынан бир жакшынакай Шинар кийимин, эки жүз күмүш шекелди, салмагы элүү шекел уютулган алтынды көрдүм. Алар мага жагып калды, ошондуктан мен аларды алдым. Мына, алар чатырымдын ортосунда көмүлүп турат, күмүштөр да ошол жерде>.

22 Жашыя кишилерди жөнөттү, алар чатырга жетип барышты. Булар чатырга катылыптыр, күмүштөр да ошол жерде экен.

23 Аларды чатырдан алып чыгып, Жашыяга жана Ысрайыл уулдарына алып келишти да, Теңирдин алдына коюшту.

24 Жашыя менен бардык ысрайылдыктар Зерактын уулу Аханды күмүшү, кийими, уютулган алтыны, балдары жана кыздары, өгүздөрү жана эшектери, койлору жана чатыры, бардык буюм-тайымдары менен Акойак өрөөнүнө алып чыгышты.

25 Анан Жашыя мындай деди: <Биздин башыбызга мүшкүл түшүргөнүң үчүн, Теңир бүгүн сенин башыңа мүшкүл түшүрөт>. Ошондо бүт ысрайылдыктар аны таш бараңга алышты да, аларды отко өрттөп жиберишти, үстү-үстүнө таш ыргытышты.

26 Ыргытылган таштар үйүлүп, дөбө болду, ал бүгүнкү күнгө чейин бар. Ошондон кийин Теңирдин кайнаган каары токтоду. Андыктан ал жер азыркыга чейин Акор өрөөнү деп аталат.

**8-БӨЛҮМ**

**Ай шаарын басып алуу**

1 Теңир Жашыяга мындай деди: <Коркпо да үрөйүңдү учурба, өзүң менен кошо согушка жарактуу элдин бардыгын алып, Айды беттеп жөнө. Мына, Мен Айдын падышасын, элин, шаарын, жерин сенин колуңа салып бердим.

2 Жерихону жана анын падышасын кандай кылсаң, Айды жана анын падышасын да ошондой кыл, бирок анын олжосу менен мал-мүлкүн өз ара бөлүп алгыла. Шаар сыртына буктурма кой>.

3 Жашыя менен согушка жарактуу бардык эл Айга бет алууга түп көтөрө турду. Жашыя эр жүрөк отуз миң адамды тандап, аларды түн ичинде жөнөттү.

4 Анан аларга мындай деп буйрук берди: <Байкагыла, силер шаар сыртында, буктурмада болгула, шаардан көп алыстабай, баарыңар даяр тургула.

5 Ал эми мен жана мени ээрчиген жалпы эл шаарга бет алабыз. Айдын тургундары мурдагыдай эле бизди беттеп качыра бергенде, биз алардан качып жөнөйбүз.

6 Алар бизди сая кууйт, биз аларды шаардан алыстатып кетебиз, анткени алар: "Мурдагыдай эле бизден качып бара жатышат", - деп айтышат. Биз алардан качып жөнөгөнүбүздө,

7 силер буктурмадан чыгып, шаарды ээлеп алгыла. Аны Кудай-Теңириңер силердин колуңарга салып берет.

8 Шаарды басып алгандан кийин, аны өрттөп жибергиле, Теңир айткандай кылгыла. Байкагыла, мен силерге буйрук берип жатам>.

9 Жашыя аларды ошентип узатты, алар буктурмага жөнөп, Айдын күн батыш тарабындагы Бейтел менен Айдын ортосунда бугуп жатышты. Жашыя ошол түнү эл арасында түнөдү.

10 Эртең менен эрте туруп, Жашыя элди карап чыкты да, Ысрайыл аксакалдары менен элдин алдына түшүп, Айга бет алды.

11 Аны ээрчиген согушка жарактуу элдин баары шаарга жакын келишти.

12 Жашыя станды Айдын түндүк тарабына жайгаштырды, алар менен Айдын ортосунда өрөөн бар эле. Анан ал беш миңге жакын кишини шаардын батыш тарабындагы Ай менен Бейтелдин ортосундагы буктурмага койду.

13 Стан-стан болуп жайгашкан элди шаардын түндүк тарабына койду, буктурмадагы элди шаардын батыш тарабына койду. Ошол түнү Жашыя өрөөндүн ортосуна келди.

14 Муну көргөн Айдын падышасы эртең менен эрте туруп, шаар тургундарын түп көтөрүп, Ысрайылга каршы салгылашууга чыкты. Ал башында турган шаар эли өрөөндөгү белгилүү жерге келди. Шаар сыртында ал үчүн буктурма турганын ал билген жок.

15 Жашыя менен Ысрайыл эли алардан жеңилимиш болуп, чөлдү беттеп качып жөнөштү.

16 Алар болсо шаарда калган элдин бардыгын ысрайылдыктарды кууганга чакырышты. Анан алар Жашыяны кууп бара жатып, шаардан алыстап кетишти.

17 Ай менен Бейтелде ысрайылдыктардын артынан куубаган бир да адам калган жок. Ысрайылдыктарды кууйбуз деп, алар шаар дарбазаларын ачык таштапты.

18 Ошондо Теңир Жашыяга мындай деди: <Колуңдагы найзаны Айды карай сун, Мен аны колуңа салып берем>. Жашыя колундагы найзаны шаарды карай сунду.

19 Буктурмада жаткандар дароо ордуларынан турушуп, түп көтөрө чуркашты. Ал найзасын сунар замат, шаарга кирип барып, аны багынтып алып, ошол замат шаарды өрттөп жиберишти.

20 Айдын тургундары артын карап, шаардан көтөрүлгөн түтүн көккө жетип жатканын көрүштү. Алар качарга жер таппай, бул жакка да, тигил жакка да кача албай калышты, анткени чөлдү көздөй качып бараткан ысрайылдыктар куугунчуларды көздөй бурулушту.

21 Жашыя менен ысрайылдыктар буктурмада жаткандардын шаарды алганын, шаардан көтөрүлгөн түтүн көккө жетип жатканын көрүшүп, кайра кайрылып, Айдын тургундарын кыра башташты.

22 Шаарга киргендер кайра шаардан чыгып, алардын алдынан чыгышканда, Айдын тургундары ысрайылдыктардын ортосунда калышты. Ысрайылдыктар аркы тараптан да, берки тараптан да каптап киришти. Айдын тургундарынан бир да киши калтырбай кырып салышты, эч ким качып кутулган жок.

23 Ал эми Айдын падышасын тирүү кармап, Жашыянын алдына алып келишти.

24 Ысрайылдыктар Айдын тургундарын кубалап, талаада, чөлдө талкалашты. Алардын акыркы адамы кылыч мизинен өлгөндөн кийин, ысрайылдыктар Ай шаарына кайра бурулуп келишип, бардыгын кылыч мизине алышты.

25 Ошол күнү кырылган эркек-аялдардын, Ай тургундарынын саны он эки миң болду.

26 Ай тургундарынын баарын кырып салгыча, Жашыя найза сунган колун түшүргөн жок.

27 Ысрайылдыктар Теңирдин Жашыяга айткан сөзү боюнча шаардын малы менен олжосун гана бөлүп алышты.

28 Жашыя Ай шаарын өрттөп, аны түбөлүк урандыга, чөлгө айландырды. Ал бүгүнкү күнгө чейин ошондой абалда.

29 Ай падышасын болсо даракка асып койду, ал кечке чейин асылып турду. Күн батканда Жашыя буйрук берди. Ошондо алар өлүктү дарактан чечип, шаар дарбазасынын алдына ташташты, үстүнө таш ыргытып, дөбө кылып үйүштү. Ал дөбө азыркыга чейин турат.

**Эйбал тоосунда берилген баталар жана каргыштар**

30 Ошондо Жашыя ысрайылдыктардын Кудай-Теңирине арнап, Эйбал тоосуна курмандык чалынуучу жай курду.

31 Кудай-Теңирдин кулу Муса Ысрайыл уулдарына осуят кылып калтыргандай, Мусанын мыйзам китебинде жазылгандай, курмандык чалынуучу жайды темир тийгизбей, бүтүн таштардан жасады. Ага Кудай-Теңирге арнап бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты жана тынчтык курмандыктарын чалышты.

32 Анан Жашыя Ысрайыл уулдарынын көз алдында Мусанын мыйзамдарын ташка чегип жазды.

33 Ысрайыл элине бата бериш үчүн, мурун Теңирдин кулу Муса буйругандай, бүт Ысрайыл, Ысрайыл аксакалдары, көзөмөлдөөчүлөрү, башкаруучулары, келгиндер да, жергиликтүү тургундар да Теңирдин келишим сандыгын көтөрүп бара жаткан ыйык кызмат кылуучулар менен лебилердин эки тарабында турушту, алардын жарымы Гаризим тоосунун этегинде, жарымы Эйбал тоосунун этегинде турду.

34 Анан Жашыя мыйзам китепте жазылган мыйзам сөздөрүн, бата менен каргышты окуду.

35 Бүткүл Ысрайыл элинин алдында, алардын аялдарына, балдарына, алардын арасындагы келгиндерге Мусанын Жашыяга калтырган осуяттарынан Жашыя окубаган бир да сөз калган жок.

**9-БӨЛҮМ**

**Гибондуктардын куулугу**

1 Муну уккан Иордандын аркы өйүзүндөгү тоодо жана түздө, Лебанондун жанындагы улуу деңиздин бүт жээгинде жашаган хеттиктердин, аморлуктардын, канаандыктардын, периздиктердин, хибиликтердин жана жебустуктардын падышалары

2 Жашыя менен Ысрайыл элине каршы салгылашыш үчүн чогулушту.

3 Бирок Жерихо менен Айды Жашыя эмне кылганын уккан Гибон тургундары мындай амал колдонушту:

4 алар жолуна нан камдап, эшектерине эски каптарын жана шарап куюлган эски, чалдыбары чыккан, жамаачыланган чаначтарын артып, аларды карай жөнөп калышты.

5 Буттарына жамаачыланган эски бут кийим, үстүлөрүнө эски кийим кийип алышты. Алардын жолго алган наны да көгөрүп, катып калган нан эле.

6 Алар Жашыяга, ысрайылдыктардын станы турган Гилгалга келишти да, ысрайылдыктар менен Жашыяга мындай дешти: <Биз алыскы өлкөдөн келдик, биз менен келишим түзгүлө>.

7 Ошондо ысрайылдыктар хибиликтерге мындай дешти: <Силер бизге жакын турган эл болуп жүрбөгүлө, андай болсо кантип келишим түзөбүз?>

8 Алар Жашыяга: <Биз сенин кулдарыңбыз>, - дешти. Жашыя алардан: <Силер кимсиңер, кайдан келдиңер?> - деп сурады.

9 Алар Жашыяга мындай дешти: <Сенин кулдарың Кудай-Теңирдин ысымы үчүн эң алыскы өлкөдөн келишти, анткени биз Анын даңкы жөнүндө, Мисирде кылган бардык иштери жөнүндө уктук.

10 Ошондой эле Ал Иордандын аркы өйүзүндө жашаган аморлуктардын эки падышасын: Кешпон падышасы Сихон менен Аштаротто жашаган Башан падышасы Огду эмне кылганын билебиз.

11 Мына ушуларды уккан биздин аксакалдар менен биздин өлкөнүн эли бизге мындай дешти: "Колуңарга жол азык алып, аларды утурлай чыгып, мындай деп айткыла: "Биз силердин кулуңарбыз, биз менен келишим түзгүлө.

12 Силерди карай жолго чыккан күнү үйүбүздөн алып чыккан бул наныбыз ысык болчу. Азыр болсо ал катып, көгөрүп кетти.

13 Мына бул шарап куюлган чаначтар да жапжаңы эле, жолдо чалдыбары чыкты, жолдун узактыгынан үстүбүздөгү кийимибиз да, бутубуздагы бут кийимибиз да жыртылып калды"">.

14 Ысрайылдыктар алардын колундагы нанды алышты, бирок Теңирдин эркин сурашкан жок.

15 Анан Жашыя алар менен тынчтык келишимин түзүп, алардын өмүрүн сактоого макул болду. Жамааттын башкаруучулары аларга ант беришти.

16 Ысрайылдыктардын алар менен тынчтык келишимин түзгөнүнө үч күн болгондон кийин, алардын кошуна эл экенин, жакын эле жерде жашарын угушту.

17 Анткени Ысрайыл уулдары жолго чыгып, үчүнчү күнү алардын шаарларына келишкен. Алардын шаарлары Гибон, Кепира, Бейрот жана Кирийат-Жейарим эле.

18 Ысрайыл уулдары аларды кыйратышкан жок, анткени жамаат башчылары Ысрайылдын Кудай-Теңири менен ант берип коюшкан. Мына ушул үчүн Ысрайылдын бүткүл жамааты башчыларга нааразы болду.

19 Ошондо башчылардын бардыгы бүт жамаатка мындай дешти: <Биз аларга Ысрайылдын Кудай-Теңири менен ант берип койгонбуз, ошондуктан аларга тие албайбыз.

20 Биз аларды мындай кылалы: аларга берген антыбыздан улам Кудайдын каарына калбашыбыз үчүн, аларды тирүү калтыралы>.

21 Башчылар дагы мындай дешти: <Булар жашай беришсин, бирок бардык жамаат үчүн отун жарып, суу ташышат>. Ошондо алар башчылар айткандай кылышты.

22 Анан Жашыя аларды чакырып алып, мындай деди: <Бизге жакын жашап туруп, эмне үчүн силер бизди: "Биз эң алыскы өлкөдөн келдик", - деп алдадыңар?

23 Мына ушул үчүн силерди каргыш урсун! Өмүр бою кул болуп, Теңиримдин үйүнө отун жарып, суу ташыйсыңар!>

24 Алар Жашыяга мындай деп жооп беришти: <"Ысрайылдын алдындагы бүт элдерди кырып, алардын бүт жерин аларга бер", - деп, Кудай-Теңир Өз кулу Мусага буйруганы жөнүндө сенин кулдарыңа кабар жеткен. Ошондуктан өмүрүбүздөн ажыратпасын деп, өтө коркcондуктан, ушундай иш кылдык.

25 Мына, эми биз сенин колуңдабыз. Эмне кылсаң, өзүң бил, сага эмне жакшы жана адилеттүү көрүнсө, бизге ошондой кыл>.

26 Жашыя аларды мындай кылды: аларды Ысрайыл уулдарынын колунан куткарды. Аларды ысрайылдыктар өлтүрүшкөн жок.

27 Ошол күнү Жашыя аларды жамаатка жана Кудайдын курмандык чалынуучу жайына отун жаргыч, суу ташыгыч кылып дайындады. Теңир кайсы гана жерди тандабасын, алар ошол жерде, атүгүл, ушул күнгө чейин кул болуп жүрүшөт.

**10-БӨЛҮМ**

**Аморлуктардын Гибондо жеңилиши**

1 Жашыя Айды басып алып, аны каргышка калтырганын, Жерихону, анын падышасын кандай кылса, Айды да, анын падышасын да ошондой кылганын жана Гибондо жашаган эл Ысрайыл менен тынчтык келишимин түзүп, алардын арасында жашап калганын Иерусалим падышасы Адону-Седек укканда, абдан коркту.

2 Анткени Гибон чоң шаар болгон, падышанын шаарларынын бири катары Айдан да чоң эле жана анда жашагандардын баары эр жүрөк эл болгон.

3 Ошондуктан Иерусалим падышасы Адону-Седек Хеброн падышасы Огамга, Жармут падышасы Пирамга, Лакиш падышасы Жапийге, Эглон падышасы Дебирге киши жиберип, мындай деп айттырды:

4 <Жашыя жана Ысрайыл уулдары менен тынчтык келишимин түзгөндүгү үчүн, мага келип, Гибонду талкалап салууга жардам бергиле>.

5 Аморлуктардын бул беш падышасы: Иерусалим падышасы, Хеброн падышасы, Жармут падышасы, Лакиш падышасы, Эглон падышасы чогулуп алып жөнөштү. Алар гибондуктар менен согушуу үчүн, станы менен Гибондун жанына жайгашышты.

6 Гибондо жашаган эл Ысрайыл станына, Гилгалда турган Жашыяга киши жиберип: <Өз кулдарыңан колуңду тартып алба, тезирээк кел, бизди куткар, жардам бер, анткени тоолордо жашаган аморлуктардын бардык падышалары бизге каршы чогулушту>, - деп айттырышты.

7 Ошондо Жашыя баштаган эл жана согушка жарактуу эр жүрөк эркектердин бардыгы Гилгалдан чыгышты.

8 Теңир Жашыяга мындай деди: <Алардан коркпо, анткени Мен аларды сенин колуңа салып бердим. Сага эч ким туруштук бере албайт>.

9 Жашыя аларга капыстан кол салды, анткени ал Гилгалдан түнү бою жол жүрүп келген эле.

10 Алар ысрайылдыктарды көргөндө дүрбөлөңгө түшүштү, анткени аларды Теңир дүрбөлөңгө салган эле. Ысрайылдыктар аларды Гибондо катуу кыйратып, Бейт-Хорон дөңсөөсүнө кеткен жол менен кууп, Азейкага жана Макетке чейин талкалашты.

11 Алар Бейт-Хорон тоосунун боору менен ысрайылдыктардан качып бара жатышканда, Теңир аларга асмандан Азейкага чейин чоң таштарды жаадырды, алар өлүп жатышты. Ысрайылдыктардын кылычынан кырылгандарга караганда, мөндүр таштан кырылгандар көп болду.

12 Теңир аморлуктарды ысрайылдыктардын колуна салып берип, аларды Гибондо талкалаган күнү, алар Ысрайыл уулдарынын алдында кырылган күнү Жашыя ысрайылдыктардын көз алдында Теңирге мындай деп кайрылды: <Күн, Гибондун үстүнө токто, ай, Айалон өрөөнүнүн үстүнө токто!>

13 Ошондо эл кас душмандарынан өч алгыча, күн токтоп, ай төбөдө турду. Адилеттүүнүн китебинде: <Күн асмандын дал ортосунда токтоп турду да, дээрлик бир күн бою батышты карай шашкан жок>, - деп жазылган.

14 Теңир адамдын үнүн ушунчалык уккан мындай күн мурда да, кийин да болгон эмес. Анткени Теңир Ысрайыл үчүн Өзү салгылашты.

15 Андан соң Жашыя жана аны ээрчиген бүт Ысрайыл эли Гилгалга, станга кайтып келишти.

16 Тигил беш падыша болсо качып барып, Макеттеги үңкүргө жашынды.

17 Анан Жашыяга <Беш падыша табылды, алар Макеттеги үңкүрдө жашынып жатышат> деген кабар жеткенде,

18 Жашыя мындай деди: <Чоң-чоң таштарды тоголотуп келип, үңкүрдүн оозун бүтөгүлө да, кайтарганга кишилерди койгула.

19 Силер болсо токтобостон, душманыңардын артынан куугула, аскерлеринин арткы бөлүгүн кырып салгыла, өз шаарларына качып кетүүсүнө жол бербегиле, анткени Кудай-Теңириңер аларды силердин колуңарга салып берди>.

20 Жашыя менен Ысрайыл уулдары аларды биротоло талкалашкандан кийин, алардын аман калгандары чептер менен курчалган шаарларга кире качышкандан кийин,

21 бардык эл станга, Макетте турган Жашыяга тынчтык менен кайтып келди. Ошондон кийин эч ким Ысрайыл уулдарына тил кайрып сүйлөй албай калды.

22 Ошондо Жашыя мындай деди: <уңкүрдүн оозун="" ачып,="" андагы="" беш="" падышаны="" мага="" алып="" келгиле="">. </уңкүрдүн>

23 Алар так ошондой кылып, баягы беш падышаны: Иерусалим падышасын, Хеброн падышасын, Жармут падышасын, Лакиш падышасын жана Эглон падышасын үңкүрдөн чыгарып, Жашыянын алдына алып келишти.

24 Бул падышаларды Жашыянын алдына алып келишкенде, Жашыя бүт ысрайылдыктарды чакырып, өзү менен бирге жүргөн аскер башчыларга мындай деди: <Жакын келип, бул падышаларды желкесинен бутуңар менен басып тургула>. Алар жакын келип, буттары менен падышаларды желкесинен басып турушту.

25 Ошондо Жашыя аларга мындай деди: <Коркпогула, үрөйүңөрдү учурбагыла, бекем, кайраттуу болгула, анткени силер менен согуша турган бардык кас душманыңарды Теңир ушундай кылат>.

26 Анан Жашыя аларды өлтүрүп, бешөөнү беш даракка асып салды. Алар кечке чейин дарактарда асылып турушту.

27 Күн батарда Жашыя буйрук берип, аларды түшүртүп, өздөрү жашынган үңкүргө таштаттырып, оозун чоң таштар менен бүтөтүп салды. Алардын сөөгү бүгүнкү күнгө чейин ошол жерде.

**Түштүк Канаанды басып алуу**

28 Ошол эле күнү Жашыя Макетти басып алып, аны падышасы менен кошо кылыч мизине алды. Ал жердеги тирүү жандын баарын кырып салды, эч кимди тирүү калтырган жок. Жерихо падышасын кандай кылса, Макет падышасын да так ошондой кылды.

29 Анан Жашыя менен бүткүл Ысрайыл эли Макеттен Либнага бет алып, Либна эли менен согушту.

30 Теңир аны да, анын падышасын да Ысрайылдын колуна салып берди. Жашыя аны жана анда жашаган адамдарды кылыч мизине алып кырып салды, эч кимди тирүү калтырган жок. Жерихо падышасын кандай кылса, Либна падышасын да ошондой кылды.

31 Анан Жашыя Ысрайыл эли менен Либнадан чыгып, Лакишке бет алды. Анын жанына станын жайгаштырып, аны менен согушту.

32 Теңир Лакишти да Ысрайыл элинин колуна салып берди, ал аны экинчи күнү басып алды да, Либнаны кыргандай, аны жана анда жашаган адамдарды кылыч мизине алып кырып салды.

33 Ошондо Лакишке Гезер падышасы Орам жардамга келди. Бирок Жашыя анын өзүн да, элин да кылычтап кырып, эч кимди тирүү калтырган жок.

34 Анан Жашыя Ысрайыл эли менен Лакиштен чыгып, Эглонго бет алып, анын жанына станын жайгаштырып, аны менен согушту.

35 Аны ошол эле күнү басып алып, кылыч мизине алып кырып салышты. Лакишти кыргандай, ошол жерде жашаган адамдардын баарын ал ошол күнү кырып салды.

36 Анан Жашыя жана бүткүл ысрайылдыктар Эглондон чыгып, Хебронго бет алып, аны менен согушушту.

37 Аны да басып алып, падышасын да, бардык шаарларын да, андагы жашаган адамдарды да кылыч мизине алып кырып салды, эч кимди тирүү калтырган жок. Эглонду кыргандай, аны жана андагы адамдардын баарын кырып салды.

38 Анан Жашыя бүткүл Ысрайыл эли менен Дебирге бет алып, аны менен согушту.

39 Аны да басып алып, падышасын да, бардык шаарларын да, анда жашаган адамдарды да кылыч мизине алып кырып салды, эч кимди тирүү калтырган жок. Хебронду жана анын падышасын, Либнаны жана анын падышасын кандай кылса, Дебирди жана анын падышасын да ошондой кылды.

40 Ошентип, Жашыя тоодо, түштүктө, түздүктө, тоонун этегинде жаткан жерлерди басып алып, алардын падышаларынын бардыгын кырып салды. Эч кимди тирүү калтырган жок, Ысрайылдын Кудай-Теңири буйрук кылгандай, бардык адамдарды кырып салды.

41 Жашыя Кадеш-Барнейиден Азага чейин, Гошендин бүт жерин, атүгүл, Гибонго чейин басып алды.

42 Бул падышалардын бардыгын, алардын жерлерин Жашыя бир жүрүшүндө эле басып алды, анткени Ысрайылдын Кудай-Теңири Ысрайыл үчүн Өзү согушту.

43 Анан Жашыя менен ысрайылдыктар Гилгалдагы станга кайтып келишти.

**11-БӨЛҮМ**

**Падышалардын жеңилиши**

1 Мына ушуларды уккан Хатсор падышасы Жабин Мадон падышасы Жобапка, Шимрон падышасы менен Акшап падышасына,

2 түндүк тараптагы тоодо, Кинереттин түштүк тарабындагы түздүктө, ойдуңдарда, күн батыштагы Напат-Дордо жашаган падышаларга,

3 чыгышта, деңиз жакта жашаган канаандыктарга, тоодо жашаган аморлуктарга, хеттиктерге, периздиктерге, жебустуктарга жана Хермон тоосунун этегиндеги Миспа жеринде жашаган хибиликтерге чабармандарын жөнөттү.

4 Ошондо алар бүт кошууну менен, көптүгү деңиз жээгиндеги кумдай болгон көп сандаган эли менен жөнөштү. Аттар да, аттарга чегилген майдан арабалар да өтө көп эле.

5 Бул падышалардын баары Ысрайыл эли менен салгылашыш үчүн чогулуп, Мейром суусунун боюна жайгашышты.

6 Ошондо Теңир Жашыяга мындай деди: <Булардан коркпо, анткени эртең ушул убакта мен булардын бардыгын Ысрайыл уулдарынын колуна салып берип кырдыртам. Булардын аттарынын тарамыштарын кесип, арабаларын өрттөп салгыла>.

7 Жашыя согушка жарактуу бардык эл менен Мейром суусунун жээгинде аларга капыстан кол салды.

8 Теңир аларды ысрайылдыктардын колуна салып берди. Ысрайылдыктар аларды кырышты, улуу Сидонго чейин, Мисрепот-Майимге чейин, чыгышты карай кеткен Миспе өрөөнүнө чейин кууп барышты, алардан эч ким тирүү калган жок, эч ким качып кутулган жок.

9 Жашыя Теңир айткандай кылды: аттарынын тарамыштарын кесип, майдан арабаларын өрттөп жиберди.

10 Анан Жашыя кайтып келип, Хатсорду басып алып, падышасын кылыч менен өлтүрдү (Хатсор болсо бул падышачылыктарды башкарып турчу).

11 Ал жерде жашаган бардык адамдарды кылычтап кырып салды, бир да жан тирүү калган жок, Хатсорду болсо өрттөп жиберди.

12 Кудай-Теңирдин кулу Муса буйругандай, Жашыя бул падышаларды бардык шаарлары менен каратып алып, аларды кылычтап кырып салды.

13 Бирок ысрайылдыктар бийик жерде турган шаарларды өрттөшкөн жок. Жашыя Хатсорду гана өрттөп жиберди.

14 Бул шаарлардагы мал-мүлктү Ысрайыл уулдары талап алышты. Кишилерин болсо кылычтап кырышты, бардыгын тукум курут кылышты, бирин да тирүү калтырышкан жок.

15 Теңир Өз кулу Мусага кандай буйруса, Муса Жашыяга так ошондой буйрук кылган, Жашыя болсо Муса айткандай кылды. Жашыя Теңирдин Мусага буйругандарынын бирин да аткарбай койгон жок.

**Нундун уулу Жашыя басып алган жерлер**

16 Ошентип, Жашыя тоодогу, түштүктөгү жерлерди, Гошен жерин ойдуңдары, түздүктөрү менен, Ысрайыл тоолорун жанында жаткан түздүктөрү менен басып алды.

17 Ал Сеирди карай созулган Халак тоосунан Хермон тоосуна чейинки, Лебанон өрөөнүндөгү Баал-Гатка чейинки жерлерди кыйратып, алардын падышаларын кырып салды.

18 Жашыя ушул падышалардын баары менен көпкө чейин салгылашты.

19 Хибиликтер жашаган Гибондон башка эч бир шаар Ысрайыл уулдары менен келишим түзгөн жок. Бардык шаарларды күч менен басып алышты.

20 Анткени алардын жүрөгүнүн таш болуп калышы, Ысрайылга согуш менен каршы чыгышы Теңирден болду. Бул алардын кыргынга учурашы үчүн, аларга ырайым кылынбашы үчүн, Теңир Мусага буйругандай, тукум курут болушу үчүн болду.

21 Ошол эле учурда Жашыя тоолордо, Хеброндо, Дебирде, Анапта, Жүйүттүн тоолорунда жана Ысрайыл тоолорунда жашаган анактыктарды түгөл талкалады. Жашыя аларды шаарлары менен кошо тыптыйпыл кылып салды.

22 Ысрайыл уулдарынын жеринде анактыктардан бир да жан калган жок, Азада, Гатта жана Азотто гана калды.

23 Ошентип, Теңир Мусага айткандай, Жашыя бардык жерди басып алды. Жашыя ал жерлерди Ысрайыл урууларына бөлүп берди. Согуш токтоп, жер үстүндө тынчтык өкүм сүрдү.

**12-БӨЛҮМ**

**Жеңилген падышалардын тизмеси**

1 Ысрайыл уулдары Иордандын ары жагындагы күн чыгыш тараптагы Арнон дарыясынан Хермон тоосуна чейинки жерлерди, чыгышты карай кеткен бүт түздүктү басып алып, ал жерлердин падышаларын кырып салышты. Ал падышалар булар:

2 Кешпондо жашаган аморлуктардын падышасы Сихон. Ал Арнон дарыясынын жээгиндеги Аройерден тартып, дарыянын ортосунан тартып, амондуктардын чек арасы болгон Жабок дарыясына чейин, Гилаттын жарымын,

3 чыгыштагы Кинерет деңизине чейинки түздүктү, чыгыштагы Бейт-Айешимотко карай кеткен жолдогу Туздуу деңиз деп аталган түздүк деңизин, ал эми түштүктө Пизги тоосунун этегинде жаткан жерлерди ээлечү.

4 Башан падышасы Ог. Ал Аштарот менен Эдрейде жашаган репалыктардын акыркы тукуму эле.

5 Ал Хермон менен Салха тоолорун жана Гешур менен Мааха чегине чейинки бүткүл Башан аймагын, Кешпон падышасы Сихондун чегине чейинки Гилаттын жарымын ээлечү.

6 Теңирдин кулу Муса менен Ысрайыл уулдары аларды кырып салышты. Теңирдин кулу Муса ал жерлерди Рубейин, Гат урууларына жана Менашенин жарым уруусуна берди.

7 Жашыя менен Ысрайыл уулдары Иордандын берки бети болгон батыш жагындагы, Лебанон өрөөнүндөгү Баал-Гаттан Сеирге чейин созулуп жаткан Халак тоолоруна чейинки жерлердин падышаларын кыйратышты.

8 Тоолордо, ойдуң жерлерде, түздүктөрдө, тоо этектеринде, чөлдө, түштүктө жашаган хеттиктердин, аморлуктардын, канаандыктардын, периздиктердин, хибиликтердин жана жебустуктардын жерлерин Жашыя Ысрайыл урууларына бөлүнүшү боюнча мурас кылып бөлүп берген. Жашыя менен Ысрайыл уулдары кыйраткан падышалар булар:

9 Жерихонун падышасы, Бейтелдин жанындагы Айдын падышасы,

10 Иерусалимдин падышасы, Хеброндун падышасы,

11 Жармуттун падышасы, Лакиштин падышасы,

12 Эглондун падышасы, Гезердин падышасы,

13 Дебирдин падышасы, Гедердин падышасы,

14 Хорманын падышасы, Араттын падышасы,

15 Либнанын падышасы, Адуламдын падышасы,

16 Макеттин падышасы, Бейтелдин падышасы,

17 Тапуахтын падышасы, Хейпердин падышасы,

18 Апейиктин падышасы, Шарондун падышасы,

19 Мадондун падышасы, Хатсордун падышасы,

20 Шимрон-Мерондун падышасы, Акшаптын падышасы,

21 Таанахтын падышасы, Мегидонун падышасы,

22 Кедештин падышасы, Кармелдин жанындагы Жокнеямдын падышасы,

23 Напат-Дордун жанындагы Доранын падышасы, Гилгалдагы Гоимдин падышасы,

24 Тирсанын падышасы. Бардыгы отуз бир падыша.

## 13-БӨЛҮМ

### Басылып алына элек жерлер

1 Жашыя аябай карып калган кезде, Теңир мындай деди: <Сен аябай карыдың, бирок ээлеп ала турган жерлер али өтө көп.

2 Ээлеп ала элек жерлер булар: бүт Пелишти аймагы менен бүт Гешур жери.

3 Мисирдин чыгышындагы Шихордон тартып, түндүктөгү Экрон чегине чейинки, канаандыкы болуп эсептелген жерлердеги пелиштиликтердин Азадагы, Азоттогу, Ашкелондогу, Гаттагы, Экрондогу беш падышасы жана абахтыктар.

4 Ал эми түштүктөгү Сидондун Мейарасынан баштап Апейикке чейин, аморлуктардын чегине чейинки бүт Канаан жери,

5 ошондой эле Гебал жери жана Хермон тоосунун алдындагы күн чыгышты карай кеткен Баал-Гаттан Хаматка кире беришке чейинки бүт Лебанон жери.

6 Лебанондон тартып Мисрепот-Майимге чейин жашаган бардык тоолуктарды, бардык сидондуктарды Мен Ысрайыл уулдарынын алдынан кууп чыгарам. Мен сага буйругандай, ал жерди Ысрайылга мурас кылып бөлүп бер.

7 Бул жерди тогуз урууга жана Менашенин жарым уруусуна бөл>.

8 Ал эми Рубейин, Гат уруулары, Менаше уруусунун экинчи жарымы Теңирдин кулу Мусанын бөлүп бергени боюнча Иордандын ары жагындагы, чыгышты карай кеткен жерлерден өз үлүштөрүн алышты.

9 Арнон дарыясынын жээгиндеги Аройерден тартып өзөндүн ортосундагы шаар менен Дибонго чейинки бүт Мейдеба түздүгүн,

10 ошондой эле Кешпондо бийлик кылган аморлуктардын падышасы Сихондун амондуктардын чек араларына чейинки бардык шаарларын,

11 ошондой эле Гилатты жана Гешур менен Мааха аймагын жана Хермондун бардык тоолору менен Салхага чейинки бүт Башан аймагын,

12 Аштарот менен Эдрейде бийлик кылган Башан падышасы Огдун бүт аймагын алышты. Ог болсо Муса талкалап кууп чыккан репалыктардан жалгыз калган.

13 Бирок Ысрайыл уулдары Гешур менен Мааханын тургундарын кууп чыгышкан жок. Гешур менен Мааханын тургундары бүгүнкү күнгө чейин ысрайылдыктардын арасында жашашат.

14 Бир гана Леби уруусуна ал үлүш бөлүп берген жок, Теңир ага айткандай, ысрайылдыктардын Кудайына чалынган курмандыктар - алардын үлүшү.

### Рубейин уруусунун үлүшү

15 Рубейин уулдарынан тараган ар бир үй-бүлөгө Муса үлүш бөлүп берген.

16 Алардын чеги Арнон дарыясынын жээгиндеги Аройер, өрөөндүн ортосундагы шаар жана Мейдебанын алдындагы бүт түздүк болду.

17 Кешпон аймагы жана түздүктөгү ага караштуу бардык шаарлар: Дибон, Бамот-Баал, Бейт-Баал-Мейон,

18 Жаас, Кедемот жана Мейпаат,

19 Кирийатайим, Сыбма жана Эймек тоосундагы Серет-Ашахар,

20 Бейт-Пейор жана Пизги тоосунун этегиндеги жерлер менен Бейт-Айешимот,

21 түздүктөгү бардык шаарлар, Кешпондо бийлик кылган аморлуктардын падышасы Сихондун жерлери. Муса аны, ошондой эле Мидиан жол башчылары: Эбини, Рекемди, Сурду, Хурду, Ребаны, ал жерлерде жашаган Сихондун төрөлөрүн өлтүргөн.

22 Ысрайыл уулдарынын кылычынан өлгөндөрдүн ичинде Бейордун уулу, көзү ачык Билам да бар эле.

23 Рубейин уулдарынын чек арасы Иордан болгон. Рубейин уулдарынан тараган үй-бүлөлөргө берилген үлүш, шаарлар менен айыл-кыштактар ушулар.

**Гат уруусунун үлүшү**

24 Муса ошондой эле Гат уруусуна, Гат уулдарынан тараган үй-бүлөлөргө үлүш берген.

25 Алардын үлүшү: Жазер жана бардык Гилат шаарлары менен Рабенин алдындагы Амон уулдарынын Аройерге чейинки жеринин жарымы,

26 Кешпондон тартып Рамат-Миспе менен Бетонимге чейин, Маханайимден тартып Дебир чегине чейинки жерлер.

27 Ошондой эле Бейт-Арам өрөөнү менен Бейт-Нимра, Сукот жана Сапон өрөөндөрү, Кешпон падышасы Сихондун калган жери. Анын үлүшү Иордандын чыгышындагы Кинерет деңизине чейинки жерлер эле.

28 Гат уулдарынан тараган үй-бүлөлөрдүн үлүшүнө берилген шаарлар менен айыл-кыштактар ушулар.

**Менаше уруусунун түштүктөгү үлүшү**

29 Муса Менашенин жарым уруусуна да үлүш берген, Менашенин жарым уруусундагы ар бир үй-бүлөгө үлүш бөлүп берген.

30 Алардын жери: Маханайимден тартып бүт Башан аймагы, Башан падышасы Огдун бүт падышачылыгы, Жайырдын Башандагы бардык шаарчалары, бардыгы болуп алтымыш шаар.

31 Гилаттын жарымы, Аштарот жана Эдрей шаарлары - Башан падышасы Огдун карамагындагы шаарлар Менашенин уулу Махирдин уулдарынын жарымына бөлүнгөн.

32 Иордандын аркы өйүзүнөн чыгышка карай кеткен Жерихонун каршысындагы Маап түздүгүнөн Муса берген үлүштөр ушулар.

33 Бирок Муса Леби уруусуна үлүш бөлгөн эмес, Теңир аларга айткандай, алардын үлүшү - ысрайылдыктардын Кудай-Теңири Өзү.

**14-БӨЛҮМ**

1 Ысрайыл уулдары Канаан жеринде үлүшкө алган жерлер мына ушулар. Бул жерлерди аларга ыйык кызмат кылуучу Элазар, Нундун уулу Жашыя жана Ысрайыл урууларынын уруу башчылары бөлүп беришкен.

2 Алар өкчөмө таш ыргытып, Теңир Муса аркылуу буйругандай, тогуз урууга жана Менашенин жарым уруусуна үлүш бөлүштүрүштү.

3 Муса эки урууга жана Менашенин жарым уруусуна Иордандын аркы өйүзүнөн үлүш бөлдү. Уруулардын ичинен Леби уруусуна үлүш бөлгөн жок.

4 Анткени Жусуптун уулдарынан эки уруу тараган, алар: Менаше жана Эпрайым уруулары. Ошондуктан алар лебилерге үлүшкө жер беришкен жок, алар жашаганга, алардын мал-мүлкүнө тегерек-чети менен шаарларды гана беришти.

5 Жер бөлүштүрүүдө Ысрайыл уулдары Теңир Мусага кандай айтса, так ошондой кылышты.

**Калептин үлүшү**

6 Жүйүттүн уулдары Гилгалга, Жашыяга келишти. Кеназдык Жепундун уулу Калеп Жашыяга мындай деди: <Кудайдын кишиси Мусага Теңир Кадеш-Барнейиде сен экөөбүз жөнүндө эмне дегенин билесиң.

7 Кудай-Теңирдин кулу Муса мени Кадеш-Барнейиден жер чалып келүүгө жөнөткөндө, кырк жашта элем. Мен ага жооп кылып, жүрөгүмдө болгонду айтып келгем.

8 Мени менен барган бир туугандарым элди коркутуп салган. Мен болсо өз Кудай-Теңиримдин айтканындай кылгам.

9 Муса ошол күнү мындай деп ант берген: "Бутуң баскан жерлер түбөлүккө сенин жана сенин уулдарыңдын үлүшү болот, анткени сен менин Кудай-Теңиримдин айтканындай кылдың".

10 Ошентип, Теңир Өзү айткандай, мени аман-эсен сактап келди. Теңир бул сөздү Мусага айткандан бери, Ысрайыл чөлдө жүргөндөн бери кырк беш жыл өттү. Азыр мен сексен бештемин.

11 Бирок мен азыр да, Муса мени жөнөткөн учурдагыдай эле күүлүү-күчтүүмүн. Ошол учурда канчалык күч-кубатым болсо, азыр да согушууга, кирип-чыгууга ошончолук күч-кубатым бар.

12 Ошондуктан ошол күнү Теңир айткан бул тоолуу аймакты мага бер, анткени ал тоодо Анактын уулдары жашарын, алардын шаарлары чоң, чептүү шаарлар экенин ошол күнү уккансың. Балким, Теңир мени менен болор, ошондо Теңир айткандай, мен аларды кууп чыгармын>.

13 Жашыя Жепундун уулу Калепке батасын берип, ага Хебронду үлүшкө берди.

14 Ысрайылдыктардын Кудай-Теңиринин буйругун так аткаргандыгы үчүн, Хеброн - бүгүнкү күнгө чейин кеназдык Жепундун уулу Калептин үлүшү.

15 Хеброн мурда Анактын уулдарынын арасындагы бир алп адамдын атынан Кирийат-Арба деп аталчу. Ошондон кийин өлкөдө тынчтык өкүм сүрдү.

**15-БӨЛҮМ**

**Жүйүт уруусунун үлүшү**

1 Өкчөмө таш ыргытканда, Жүйүт уруусуна үй-бүлөлөрүнө жараша төмөнкүдөй үлүш тийди: түштүктү карай созулуп жаткан, аягы Тейманга жеткен Эдом менен чектеш Син чөлү.

2 Алардын түштүк чек арасы Туздуу деңиздин түштүк булуңунун чет жакасынан башталып,

3 түштүккө, Акрабым дөңсөөсүнө кетет, Зинди аралап өтүп, түштүк тараптан Кадеш-Барнейиге чыгып, Хесрондон өтүп, Адарга көтөрүлүп, Акаркага бурулат.

4 Анан Асмондон өтүп, Мисир дарыясына кетет, анын чек арасынын аягы деңизге такалат. Силердин түштүктөгү чек араңар мына ушул болот.

5 Чыгыш чек арасы болсо - Туздуу деңиз, Иордан дарыясынын куйган жерине чейин; түндүк чек арасы деңиздин түндүк булуңунан, Иордан дарыясынын куйган жеринен башталат.

6 Бул жерден чек ара Бейт-Каглага көтөрүлөт да, түндүк тараптан Бейт-Арабаны аралап өтөт, анан чек ара жогору карай, Рубейин уулунун Боан ташына чейин барат.

7 Анан чек ара Акор өрөөнүндөгү Дебирге чыгат да, түндүк тараптан Адумум дөңсөөсүнүн каршысындагы, дарыянын түштүк тарабындагы Гилгалга бурулат. Бул жерден чек ара Эйин-Шемеш сууларын бойлоп өтөт да, Эйин-Рогелден бүтөт.

8 Бул жерден чек ара Жебустун (Иерусалимдин) түштүк тарабы менен жогору карай Ином уулунун өрөөнүнө кетет, андан ары батыш тараптагы Ином өрөөнүнүн каршысында, түндүк тараптагы репалыктардын өрөөнүнүн четинде жаткан тоонун чокусуна чыгат.

9 Тоонун чокусунан чек ара Нептоах сууларынын башатына бурулуп, Эпрон тоосунун жанындагы шаарларга кетет да, Баалга (Кирийат-Жейаримге) бурулат.

10 Анан чек ара Баалдан деңизге, Сеир тоосуна бурулат да, Жейарим (Кесалон) тоосунун түндүк тарабы менен кетет, анан Бейт-Шемешке түшүп, Тимна аркылуу өтөт.

11 Ал жерден чек ара Экрондун түндүк тарабы менен кетет да, Шикронго бурулат, Баал тоосунун жанынан өтүп, Жапнейелге жетет. Чек ара деңиздин жанынан бүтөт. Батыш чек ара - улуу деңиз.

12 Жүйүт уруусунун төрт тарабындагы чек аралары мына ушулар.

**Калептин Хебронду жана Дебирди басып алышы**

13 Теңир Жашыяга буйругандай, Жашыя Жүйүт уулдарынын үлүшүнөн Жепундун уулу Калепке Анактын атасына таандык Кирийат-Арбаны, башкача айтканда, Хебронду бөлүп берди.

14 Калеп ал жерден Анактын уулдары: Шейшайды, Акиманды жана Талмайды, Анактын ушул үч уулун кууп чыкты.

15 Андан ары Дебирдин тургундарына каршы жөнөдү (Дебирдин мурдагы аты Кирийат-Сейпер болгон).

16 Анан Калеп мындай деди: <Ким Кирийат-Сейперге кол салып, басып алса, ага кызым Аксаны аялдыкка берем>.

17 Аны Калептин бир тууганы Кеназдын баласы Отниел басып алды. Ошондо ал ага кызы Аксаны аялдыкка берди.

18 Акса жолго чыгарда, ага атаңан жер сура деп үйрөтүштү. Ал эшектен түшкөндө, Калеп андан: <Сага эмне керек?> - деп сурады.

19 Кызы ага: <Батаңды бер, ата. Мага түштүк жерин бердиң, суу булактарын да кошо бер>, - деди. Атасы кызына жогорку булактарды да, төмөнкү булактарды да берди.

**Жүйүт уруусуна таандык шаарлар**

20 Жүйүт уруусуна үй-бүлөлөрүнө жараша бөлүнгөн үлүш бул:

21 Түштүктө эдомдуктар менен чектеш жаткан Жүйүт уулдарынын шаарлары мына булар: Капсейел, Эйдер жана Жагур,

22 Кина, Дымана жана Адада,

23 Кедеш, Хатсор жана Итнан,

24 Зуп, Телем жана Балот,

25 Хатсор-Хадат, Кериот, Хесрон, башкача айтканда, Хатсор,

26 Аймам, Шема жана Молада,

27 Хатсар-Гата, Хешмон жана Бейт-Палет,

28 Хатсар-Шуал, Бейер-Шаба жана Бизийотия,

29 Баал, Ийим жана Атсем,

30 Элтолат, Кесил жана Хорма,

31 Сыклак, Мадмана жана Сансана,

32 Лебайот, Шилхим, Айын жана Римон. Айыл-кыштактары менен бардыгы жыйырма тогуз шаар.

33 Ойдуң жерлердеги Эштаул, Сора жана Ашна,

34 Заноах, Эйин-Ганим, Тапуах жана Эйнам.

35 Жармут, Адулам, Сохо жана Азейка.

36 Шаарайым, Адытайым, Гедейра же Гедейратайым. Айыл-кыштактары менен он төрт шаар.

37 Сенан, Хадаша, Мигдал-Гат,

38 Дилан, Миспе жана Жоктейел,

39 Лакиш, Ботыскат жана Эглон,

40 Хабон, Лахмас жана Хитлиш,

41 Гедейрот, Бейт-Дагон, Наама жана Макет. Айыл-кыштактары менен он алты шаар.

42 Либна, Этер жана Ашан,

43 Иптах, Ашна жана Нетсип,

44 Кеила, Аказип жана Марейша. Айыл-кыштактары менен тогуз шаар.

45 Экрон, ага караштуу шаарлары жана кыштактары менен.

46 Экрондон деңизге карай кеткен Азоттун жанындагы бардык жерлер, айыл-кыштактары менен.

47 Мисир дарыясы менен улуу деңизге чейин созулуп жаткан Азот жана ага караштуу шаарлар менен кыштактар, Аза жана ага караштуу болгон шаарлар менен кыштактар.

48 Тоо койнундагы Шамир, Жатир жана Сохо,

49 Дана, Кирийат-Сана, башкача айтканда, Дебир,

50 Анап, Эштемо жана Аним,

51 Гошен, Холон жана Гило. Айыл-кыштактары менен он бир шаар.

52 Араб, Дума жана Эшан,

53 Жанум, Бейт-Тапуах жана Апейка,

54 Хумта, Кирийат-Арба, башкача айтканда, Хеброн жана Сиор. Айыл-кыштактары менен тогуз шаар.

55 Маон, Кармел, Зуп жана Ута,

56 Изрейел, Жоктеям жана Заноах,

57 Кабыл, Гиба жана Тимна. Айыл-кыштактары менен он шаар.

58 Халхул, Бейт-Сур жана Гедор,

59 Маарат, Бейт-Анот жана Элтекон. Айыл-кыштактары менен алты шаар.

60 Кирийат-Баал, башкача айтканда, Кирийат-Жейарим жана Араба. Айыл-кыштактары менен эки шаар.

61 Чөлдөгү Бейт-Араба, Мидин жана Секак,

62 Нипшан, Ир-Мелах жана Эйин-Геди. Айыл-кыштактары менен алты шаар.

63 Бирок Иерусалимде жашаган жебустуктарды Жүйүттүн уулдары кууп чыга алышкан жок, ошондуктан жебустуктар азыркыга чейин Иерусалимде Жүйүт уулдарынын арасында жашашат.

**16-БӨЛҮМ**

**Эпрайым уруусунун жана Менашенин жарым уруусунун үлүшү**

1 Андан кийин өкчөмө таш Жусуптун уулдарына түштү: Жерихонун жанындагы, чыгыш тараптагы Жерихо сууларынын жанындагы Иордандан тартып, Жериходон Бейтел тоосуна чейин созулуп жаткан чөл.

2 Чек ара Бейтел тоосунан Лузга кетет, Атароттун жанындагы Архи чек арасына чейин жетип,

3 деңизге, жаплеттиктердин чек арасына түшөт да, төмөнкү Бейт-Корон чек арасы менен Гезерге чейин жетип, деңиздин жанынан бүтөт.

4 Бул жерлерди Жусуптун уулдары Менаше менен Эпрайым үлүшкө алды.

**Эпрайым уруусунун үлүшү**

5 Эпрайым уруусундагы үй-бүлөлөрдүн чек аралары мындай: алардын чыгыш тараптагы чек арасы Атрот-Адардан жогорку Бейт-Коронго чейин кетет.

6 Анан чек ара Михметаттын түндүк тарабынан деңизди карай кетет да, Таанат-Шилонун чыгыш тарабына бурулуп, аны Жаноахтын чыгыш тарабынан айланып өтөт.

7 Жаноахтан Атарот менен Нааратка түшүп, Жерихого келип, Иорданга чейин жетет.

8 Тапуахтан чек ара деңизге, Кана дарыясына кетет да, деңиз менен бүтөт. Эпрайым уруусуна үй-бүлөлөрүнө жараша тийген үлүш ушул.

9 Менаше уулдарынын үлүшүнүн ичинен Эпрайым уулдарына ушул шаарлар менен айыл-кыштактар бөлүндү.

10 Бирок Эпрайым уулдары Гезерде жашаган канаандыктарды кууп чыгышкан жок, ошондуктан канаандыктар Эпрайым уулдарына салык төлөп, алардын арасында азыркыга чейин жашашат.

**17-БӨЛҮМ**

**Менашенин жарым уруусунун батыштагы үлүшү**

1 Жусуптун тун уулу Менашеге өкчөмө таш түштү: эр жүрөк жоокер Гилаттын атасы, Менашенин тун уулу Махирге Гилат менен Башан тийди.

2 Менашенин калган уулдарына да үй-бүлөлөрүнө жараша үлүш бөлүндү. Алар - Абиезер, Хейлек, Асриел, Шехем, Хейпер, Шемит үй-бүлөлөрү. Жусуптун уулу Менашенин эркек балдарынан тараган үй-бүлөлөр ушулар.

3 Менашенин уулу Махирдин, Махирдин уулу Гилаттын, Гилаттын уулу Хейпердин, Хейпердин уулу Салапаттын эркек балдары жок эле, кыздары гана болгон. Анын кыздарынын аттары: Махла, Ноя, Хогла, Милка жана Тирса.

4 Алар ыйык кызмат кылуучу Элазарга, Нундун уулу Жашыяга жана башчыларга келип, мындай дешти: <Бизге бир туугандарыбыз менен бирге үлүш берсин деп, Теңир Мусага буйруган эле>. Ошондо Теңирдин буйругу боюнча аларга атасынын бир туугандарынын үлүшүнүн жанынан үлүш бөлүндү.

5 Менашеге Иордандын аркы өйүзүндөгү Гилат менен Башан жеринен тышкары он үлүш тийди.

6 Анткени Менашенин кыздары үлүштү Менашенин уулдарынын үлүшүнүн жанынан алышты. Гилат жери болсо Менашенин башка уулдарына тийди.

7 Менашенин чек арасы Ашырдан Шекемдин каршысындагы Михметатка кетет. Ал жерден оңго бурулуп, Эйин-Тапуах аймагына кетет.

8 Тапуах жери Менашеге тийди, Менашенин чек арасынын жанындагы Тапуах шаары болсо Эпрайым уулдарына тийди.

9 Ал жерден чек ара Кана дарыясына түштүк тараптан түшөт. Бул шаарлар Менаше шаарларынын арасында жайгашса да, Эпрайымга таандык. Менашенин чек арасы дарыянын түндүк тарабында, чек ара деңиз менен бүтөт.

10 Түштүк тараптагы жер Эпрайымдыкы, түндүк тараптагы жер Менашеники. Деңиз алардын чек арасы болгон. Ал түндүк тараптан Ашыр менен, чыгыш тараптан Исахар менен чектешет.

11 Исахар менен Ашырдын Менашеге таандык болгон жерлери мына булар: Бейт-Шейан жана ага караштуу жерлер, Иблейем жана ага караштуу жерлер, Дорада жашоочулар жана ага караштуу жерлер, Эйен-Дордо жашоочулар жана ага караштуу жерлер, Таанахта жашоочулар жана ага караштуу жерлер, Мегидодо жашоочулар жана ага караштуу жерлер, ошондой эле Напоттун үчүнчү бөлүгү.

12 Менашенин уулдары бул шаарлардын тургундарын кууп чыга алышкан жок. Ошентип, канаандыктар бул жерде жашап калышты.

13 Ысрайыл уулдары кубаттанган кезде, канаандыктарды салык төлөй турган кылып коюшту, бирок аларды кууп чыгышкан жок.

**Жусуптун тукумунун нааразычылыгы**

14 Жусуптун уулдары Жашыяга мындай деп айтышты: <Эмне үчүн сен мага бир эле өкчөмө таш ыргытып, бир эле үлүш бөлдүң, менин элим көп, анткени Теңир мага ушинтип батасын берген>.

15 Жашыя аларга мындай деди: <Элиң көп болсо, Эпрайым тоосу сага тардык кылып жатса, периздиктер менен репалыктардын жериндеги токойлорду тазалап ал>.

16 Ошондо Жусуптун уулдары мындай дешти: <Тоо бизге тардык кылат, бирок өрөөндө жашаган канаандыктардын, ошондой эле Бейт-Шейанда жана аларга караштуу жерлерде, Изрейел өрөөнүндө жашагандардын арабалары темирден>.

17 Ошондо Жашыя Жусуптун уулдары Эпрайым менен Менашеге мындай деди: <Сенин элиң көп, күчүң да көп. Сен бир эле үлүш менен чектелип калбайсың.

18 Тоо да, бул токой да сеники болот, сен аны тазалап аласың, бүт токой сеники болот. Канаандыктардын арабалары темирден болсо да, алардын күчү зор болсо да, сен аларды кууп чыгасың>.

**18-БӨЛҮМ**

1 Ысрайыл уулдарынын бүт жамааты Шилого чогулуп, ал жерге жыйын чатырын орнотушту, анткени ал жерди алар басып алышкан эле.

2 Ысрайыл уулдарынын ичинен өз үлүшүн ала элек жети уруу калган.

3 Жашыя Ысрайыл уулдарына мындай деди: <Ата-бабаңардын Кудай-Теңири силерге берген жерди ээлеп албай, жалкоолонуп жүрө бересиңерби?

4 Ар бир уруудан үчтөн киши жибергиле. Мен аларды жөнөтөм, алар барып, жерди көрүп, кандай бөлүштүрүү керек экенин байкап келишет.

5 Алар жерди жетиге бөлүшсүн. Жүйүт өз жеринде, түштүктө калсын, Жусуптун тукуму болсо өз жеринде, түндүктө калсын.

6 Силер болсо жерди жети үлүшкө бөлүп, чиймесин мага алып келгиле. Мен ушул жерде, Кудай-Теңирибиздин алдында өкчөмө таш ыргытам.

7 Ал эми лебилер үлүш алышпайт, анткени алардын үлүшү - Теңирге ыйык кызмат кылуу. Гат, Рубейин жана Менашенин жарым уруусуна жерди Теңирдин кулу Муса берген. Алар жерди Иордандын аркы өйүзүнөн, чыгыш тараптан алышкан>.

8 Тандалган адамдар орундарынан туруп жөнөп кетишти. Жашыя болсо жердин чиймесин чийип келүүгө жөнөп жаткандарга мындай буйрук берди: <Барып, ал жерди көрүп, чиймесин чийип келгиле. Мен бул жерде, Шилодо, Теңирдин алдында силер үчүн өкчөмө таш ыргытам>.

9 Алар барып, жерди кыдырып көрүштү. Анан анын шаарларынын чиймесин чийип, жерди жети үлүшкө бөлүп, Шилого, стандагы Жашыяга келишти.

10 Жашыя Шилодо, Теңирдин алдында өкчөмө таш ыргытып, Ысрайыл уулдарына жер бөлүштүрүп берди.

**Бенжемин уруусунун үлүшү**

11 Биринчи өкчөмө таш Бенжемин уруусундагы үй-бүлөлөргө түштү. Өкчөмө таш боюнча алар үлүштү Жүйүттүн уулдары менен Жусуптун уулдарынын үлүштөрүнүн ортосунан алышты.

12 Алардын түндүк тараптагы чек арасы Иордандан башталып, Жерихонун түндүк тарабынан өтүп, батышты карай тоого көтөрүлүп, Бейт-Абен чөлү менен бүтөт.

13 Ал жерден чек ара түштүк тарапка, Лузга, башкача айтканда, Бейтелге кетет да, төмөнкү Бейт-Корондун түштүк тарабындагы Атрот-Адар тоосуна түшөт.

14 Анан чек ара Бейт-Корондун алдындагы тоодон түштүктү карай, деңиз тарапка бурулат да, Кирийат-Баалдын, башкача айтканда, Жүйүт уулдарынын шаары болгон Кирийат-Жейаримдин жанынан бүтөт. Бул - батыш тарабы.

15 Түштүк чек ара Кирийат-Жейаримдин жанынан деңизди карай кетет да, Нептоах сууларынын башатына жетет.

16 Анан чек ара Ином уулунун өрөөнүнүн алдындагы тоонун этегине, репалыктардын өрөөнүнө, түндүккө түшөт, анан Ином өрөөнү менен Жебустун түштүк тарабына түшүп, Эйин-Рогелге кетет.

17 Түндүктөн бурулуп, Эйин-Шемешке кетет, андан ары Адумум дөңсөөсүнүн каршысындагы Гелилотко кетет, анан Рубейин уулунун Боан ташына түшөт.

18 Анан түздүктүн жанынан түндүктү карай өтүп, түздүккө түшөт.

19 Ал жерден чек ара Бейт-Кагланын жанынан түндүккө өтүп, Туздуу деңиздин түндүк булуңунан, Иордандын түштүгүндөгү куйган жеринен бүтөт. Бул - түштүк чек ара. Чыгыш чек арасы Иордан болуп эсептелет.

20 Бенжемин уруусунун туш тараптан курчалган чек аралары ушулар.

21 Бенжемин уруусуна таандык шаарлар: Жерихо, Бейт-Кагла жана Эймек-Кетсис,

22 Бейт-Араба, Семарайым жана Бейтел,

23 Абым, Пара жана Опра,

24 Кепар-Аамонай, Айопни жана Геба. Айыл-кыштактары менен он эки шаар.

25 Гибон, Рама жана Бейрот,

26 Миспе, Кепира жана Мотса,

27 Рекем, Ирпейел жана Тарала,

28 Сейла, Элеп жана Жебус, башкача айтканда, Иерусалим, Гибат жана Кериот. Айыл-кыштактары менен он төрт шаар. Бенжемин уруусунун үлүшү ушул.

**19-БӨЛҮМ**

**Шымон уруусунун үлүшү**

1 Экинчи өкчөмө таш Шымон уруусундагы үй-бүлөлөргө түштү. Алардын үлүшү Жүйүт уулдарынын үлүшүнүн ичинде эле.

2 Алардын үлүшүнө киргендер: Бейер-Шеба жана Шеба, Молада,

3 Хатсар-Шуал, Бала жана Атсем,

4 Элтолат, Бетул жана Хорма,

5 Сыклак, Бейт-Амаркабот жана Хатсар-Суса,

6 Бейт-Лебайот жана Шарухен. Айыл-кыштактары менен он үч шаар.

7 Айын, Римон, Этер жана Ашан. Айыл-кыштактары менен төрт шаар.

8 Ошондой эле ушул шаарлардын айланасындагы Баалат-Бейирге же түштүк Рамага чейинки бардык кыштактар Шымон уруусуна үй-бүлөлөрүнө жараша тийди.

9 Шымон уруусундагы үй-бүлөлөргө үлүш Жүйүт уулдарынын үлүшүнөн бөлүндү. Жүйүт уулдарынын үлүшү өтө чоң болгондуктан, Шымон уулдары үлүшүн алардын арасынан алышты.

**Забулун уруусунун үлүшү**

10 Өкчөмө таш ыргытканда, үчүнчү болуп Забулун уруусуна үй-бүлөлөрүнө жараша үлүш тийди. Алардын үлүшүнүн чек арасы Саритке чейин жетти.

11 Алардын чек арасы деңиз тарапка жана Маралага көтөрүлөт да, Дабешетке кетет, Жокнеямдын алдындагы өзөндү карай кетет.

12 Сариттен артка, чыгыш тарапка, күн чыгышка, Кислот-Таборго чейин барат да, андан ары Дабератка кетет, анан Жапияга көтөрүлөт.

13 Ал жерден чыгышка, Гак-Акейперге, Эйит-Катсинге өтөт да, Римонго, Митойарга жана Анейеге кетет.

14 Анан чек ара түндүктөн Ханатонго бурулат да, Иптах-Эл өрөөнү менен бүтөт.

15 Андан ары Катат, Наалал, Шимрон, Идала жана Бейт-Лехем кетет. Айыл-кыштактары менен он эки шаар.

16 Забулун уруусундагы үй-бүлөлөрдүн үлүшү ушул. Алардын шаарлары менен кыштактары ушулар.

**Исахар уруусунун үлүшү**

17 Төртүнчү жолу өкчөмө таш ыргытканда, Исахар уруусуна үй-бүлөлөрүнө жараша үлүш тийди.

18 Алардын жери Изрейел, Кесулот жана Шунем,

19 Хапарайым, Шион жана Анахарат,

20 Рабит, Кишион жана Эбез,

21 Ремет, Эйин-Ганим, Эйин-Хада, Бейт-Патсес болду.

22 Анан чек ара Таборго, Шахатсимге, Бейт-Шемешке кетет да, Иордандын жанынан бүтөт. Айыл-кыштактары менен он алты шаар.

23 Исахар уруусундагы үй-бүлөлөрдүн үлүшү ушул. Алардын шаарлары менен айыл-кыштактары ушулар.

**Ашыр уруусунун үлүшү**

24 Бешинчи жолу өкчөмө таш ыргытканда, Ашыр уруусуна үй-бүлөлөрүнө жараша үлүш тийди.

25 Алардын жери Хелкат, Хали, Бетен жана Акшап,

26 Аламелек, Амат жана Мишал болду. Чек ара батыш тараптан Кармелге жана Шихор-Либнатка кетет.

27 Анан артка, чыгышты карай, Бейт-Дагонго кетет да, Забулун жана Иптах-Эл өрөөнү менен, түндүктөн Бейт-Эймек жана Нейел менен чектешип, Кабулдун сол тарабынан өтөт.

28 Андан ары Эбронго, Рехопко, Хамонго жана Канага, улуу Сидонго чейин кетет.

29 Анан чек ара Рамага, чептүү Тир шаарына бурулат, андан кийин Хосага бурулуп, деңиз боюнан, Аказип деген жерден бүтөт.

30 Андан ары Умага, Апикке жана Рехопко кетет. Айыл-кыштактары менен жыйырма эки шаар.

31 Ашыр уруусундагы үй-бүлөлөрдүн үлүшү ушул. Алардын шаарлары менен кыштактары ушулар.

**Напталы уруусунун үлүшү**

32 Алтынчы жолу өкчөмө таш ыргытканда, Напталы уруусуна үй-бүлөлөрүнө жараша үлүш тийди.

33 Алардын чек арасы Хейлептен, Эйлон-Бетсаананимдеги эмендүү токойдон Адамы-Некепке жана Жапнейелге, Лакумга чейин барып, Иордандан бүтөт.

34 Ал жерден чек ара батышка, Азнот-Таборго бурулат да, андан ары Хукокко кетет, түштүктөн Забулун менен, батыштан Ашыр менен, чыгыштан, Иордандан Жүйүт менен чектешет.

35 Чептүү шаарлары: Сидим, Сер, Хамат, Ракат жана Кинерет,

36 Адама, Рама жана Хатсор,

37 Кедеш, Эдрей жана Эйин-Хатсор,

38 Ирон, Мигдал-Эл, Хорем, Бейт-Анат жана Бейт-Шемеш. Айыл-кыштактары менен он тогуз шаар.

39 Напталы уруусундагы үй-бүлөлөрдүн үлүшү ушул. Алардын шаарлары менен кыштактары ушулар.

**Дан уруусунун үлүшү**

40 Жетинчи жолу өкчөмө таш ыргытканда, Дан уруусуна үй-бүлөлөрүнө жараша үлүш тийди.

41 Алардын үлүшүнүн чек аралары мындай болду: Сора, Эштаул жана Ир-Шемеш,

42 Шаалабин, Айалон жана Итла,

43 Эйлон, Тимната жана Экрон,

44 Элтекей, Гиптон жана Баалат,

45 Жейут, Беней-Берак жана Гат-Римон,

46 Жапанын жанындагы Мей-Жаркон жана Ракон. Дан уулдарына тийген үлүш алар үчүн аз болуп калды.

47 Ошондуктан Дан уулдары Лешемге кол салып, аны басып алып, элин кылычтап кырышты. Анан ал жерге отурукташып, Лешемдин атын өздөрүнүн атасы Дандын атынан Дан деп аташты.

48 Дан уруусундагы үй-бүлөлөрдүн үлүшү ушул. Алардын шаарлары менен кыштактары ушулар.

**Нундун уулу Жашыянын үлүшү**

49 Чек аралар боюнча жер бөлүштүрүп бүтүшкөндө, Ысрайыл уулдары өздөрүнүн үлүшүнөн Нундун уулу Жашыяга үлүш беришти.

50 Теңирдин буйругу боюнча ага өзү сураган Эпрайым тоосундагы Тимнат-Серах шаарын беришти. Жашыя ал шаарды куруп, анда жашады.

51 Ыйык кызмат кылуучу Элазар, Нундун уулу Жашыя жана Ысрайыл уулдарынын уруу башчылары Шилодо, жыйын чатырынын алдында, Теңирдин алдында өкчөмө таш ыргытып, Ысрайыл уулдарынан тараган урууларга бөлүштүрүп берген үлүштөр ушулар. Ошентип, жерди бөлүштүрүп бүтүштү.

**20-БӨЛҮМ**

**Баш калкалай турган шаарлар**

1 Анан Теңир Жашыяга мындай деди:

2 <Ысрайыл уулдарына айт: "Мен силерге Муса аркылуу айткандай, баш калкалай турган шаарларды тандагыла.

3 Атайын эмес, жаңылыштык менен киши өлтүрүп алган адам ал шаарга качып барып, кан кууган адамдан жашынсын.

4 Бул шаарлардын бирине качып барган адам шаар дарбазасынын алдына туруп, кылган ишин ал шаардын аксакалдарына угуза айтып берсин. Ошондо алар аны шаарга кабыл алышат да, ага жашап тургудай жай беришет.

5 Анын артынан кан кууган адам келгенде, алар киши өлтүргөн адамды анын колуна салып беришпесин, анткени ал өз жакынын атайылап өлтүргөн эмес, аны менен касташкан эмес.

6 Ал жамаат алдына, сот алдына келгенге чейин, ошол учурдагы башкы ыйык кызмат кылуучунун көзү өткөнгө чейин ошол шаарда жашап турсун. Ошондон кийин гана киши өлтүргөн адам качып чыккан өз шаарына, өз үйүнө кайтсын">.

7 Ошондо алар Напталы тоосундагы, Галилеядагы Кедешти, Эпрайым тоосундагы Шекемди, Жүйүт тоосундагы Кирийат-Арбаны, башкача айтканда, Хебронду,

8 Иордандын чыгыш тарабындагы, Жерихонун жанындагы, Рубейин уруусуна тиешелүү чөлдөгү, түздүктөгү Бетсерди, Гат уруусуна тиешелүү Гилаттагы Рамотту, Менаше уруусуна тиешелүү Башандагы Голанды бөлүштү.

9 Бул шаарлар жаңылыштык менен киши өлтүрүп алган ысрайылдык болобу, келгин болобу, качып барып баш калкалашы үчүн, жамаат алдына, сот алдына келгенге чейин, кан кууган адам аны өлтүрүп койбошу үчүн дайындалган.

**21-БӨЛҮМ**

**Лебилердин үлүшү**

1 Леби уулдарынын башчылары ыйык кызмат кылуучу Элазарга, Нундун уулу Жашыяга жана Ысрайыл уулдарынын башчыларына келишип,

2 Канаан жериндеги Шилодо аларга мындай дешти: <Бизге жашаганга шаар, малыбызга шаардын тегерек-четинен жайыт берүүнү Теңир Мусага буйруган>.

3 Ошондо Ысрайыл уулдары Теңирдин буйругу боюнча лебилерге өз үлүштөрүнөн мына бул шаарларды тегерек-четиндеги жерлери менен беришти.

4 Өкчөмө таш Каат уулдарына түштү. Өкчөмө таш боюнча ыйык кызмат кылуучу Арундун уулдары лебилерге Жүйүт, Шымон, Бенжемин урууларынан он үч шаар тийди.

5 Ал эми Кааттын калган уулдарына өкчөмө таш боюнча Эпрайым, Дан урууларынан, Менашенин жарым уруусунан он шаар тийди.

6 Гейиршондун уулдарына өкчөмө таш боюнча Исахар, Ашыр, Напталы урууларынан жана Менашенин Башандагы жарым уруусунан он үч шаар тийди.

7 Мерари уулдарына үй-бүлөлөрүнө жараша Рубейин уруусунан, Гат уруусунан жана Забулун уруусунан он эки шаар тийди.

8 Теңир Муса аркылуу буйругандай, өкчөмө таш боюнча Ысрайыл уулдары лебилерге бул шаарларды тегерек-четиндеги жерлери менен беришти.

9 Жүйүт уруусунан, Шымон уруусунан төмөндө аттары аталган шаарлар берилди:

10 Өкчөмө таш биринчи түшкөндүктөн, Леби уруусуна, Кааттын тукуму Арундун уулдарына,

11 Анактын атасынын атынан аталган Кирийат-Арбаны, башкача айтканда, Жүйүт тоосундагы Хебронду жана анын айланасындагы жерлерди беришти.

12 Бул шаардын талаасы менен кыштактарын Жепундун уулу Калепке беришти.

13 Ошентип, ыйык кызмат кылуучу Арундун уулдарына киши өлтүргөн адам баш калкалай турган шаарларды: Хеброн шаарын жана анын тегерек-четин, Либнаны жана анын тегерек-четин,

14 Жатирди жана анын тегерек-четин, Эштемону жана анын тегерек-четин,

15 Холонду жана анын тегерек-четин, Дебирди жана анын тегерек-четин,

16 Айынды жана анын тегерек-четин, Утаны жана анын тегерек-четин, Бейт-Шемешти жана анын тегерек-четин беришти. Ошентип, эки уруунун тогуз шаарын беришти.

17 Ал эми Бенжемин уруусунан: Гибонду жана анын тегерек-четин, Гебаны жана анын тегерек-четин,

18 Анатотту жана анын тегерек-четин, Алманды жана анын тегерек-четин: төрт шаарды беришти.

19 Арундун уулдарына, ыйык кызмат кылуучуларга бардыгы болуп, тегерек-чети менен он үч шаар тийди.

20 Кааттын уулдары лебилерге, Кааттын калган уулдарына, өкчөмө таш боюнча Эпрайым уруусунан шаарлар тийди.

21 Аларга киши өлтүргөндөр баш калкалай турган шаарларды: Эпрайым тоосундагы Шекем шаарын жана анын тегерек-четин, Гезерди жана анын тегерек-четин,

22 Кипсайимди жана анын тегерек-четин, Бейт-Коронду жана анын тегерек-четин, бардыгы болуп төрт шаар беришти.

23 Дан уруусунан Элтекейди жана анын тегерек-четин, Гиптонду жана анын тегерек-четин,

24 Айалонду жана анын тегерек-четин, Гат-Римонду жана анын тегерек-четин, бардыгы болуп төрт шаар беришти.

25 Менашенин жарым уруусунан эки шаар: Таанахты жана анын тегерек-четин, Гат-Римонду жана анын тегерек-четин беришти.

26 Каат уулдарынын калган үй-бүлөлөрүнө бардыгы болуп, тегерек-чети менен он шаар тийди.

27 Ал эми Леби уруусундагы Гейиршондун уулдарына Менашенин жарым уруусуна таандык, киши өлтүргөндөр баш калкалай турган Башандагы Голан шаарын жана анын тегерек-четин, Бейештераны жана анын тегерек-четин беришти.

28 Исахар уруусунан Кишионду жана анын тегерек-четин, Дабератты жана анын тегерек-четин,

29 Жармутту жана анын тегерек-четин, Эйин-Ганимди жана анын тегерек-четин, бардыгы болуп төрт шаар беришти.

30 Ашыр уруусунан Мишалды жана анын тегерек-четин, Абдонду жана анын тегерек-четин,

31 Хелкатты жана анын тегерек-четин, Рехопту жана анын тегерек-четин, бардыгы болуп төрт шаарды беришти.

32 Напталы уруусунан киши өлтүргөндөр баш калкалай турган Галилеядагы Кедеш шаарын жана анын тегерек-четин, Хамот-Дорду жана анын тегерек-четин, Картанды жана тегерек-четин, бардыгы болуп үч шаар беришти.

33 Гейиршон уруусуна үй-бүлөлөрүнө жараша бардыгы болуп тегерек-чети менен он үч шаар тийди.

34 Мерари уулдарынын үй-бүлөлөрүнө, калган лебилерге Забулун уруусунан Жокнеямды жана анын тегерек-четин, Карпаны жана анын тегерек-четин,

35 Димнаны жана анын тегерек-четин, Наалалды жана анын тегерек-четин, бардыгы болуп төрт шаарды беришти.

36 Рубейин уруусунан Бетсерди жана анын тегерек-четин, Жаасты жана анын тегерек-четин,

37 Кедемотту жана анын чет жакасын, Мейпаатты жана анын тегерек-четин, бардыгы болуп төрт шаарды беришти.

38 Гат уруусунан киши өлтүргөндөр баш калкалай турган Гилаттагы Рамот шаарын жана анын тегерек-четин, Маханайимди жана анын тегерек-четин,

39 Кешпонду жана анын тегерек-четин, Жазерди жана анын тегерек-четин, бардыгы болуп төрт шаарды беришти.

40 Мераринин уулдарына, Леби уруусунун калган уулдарына, өкчөмө таш боюнча бардыгы болуп он эки шаар тийди.

41 Ысрайыл уулдарынын үлүшүнүн ичинен лебилерге бардыгы болуп кырк сегиз шаар тегерек-чети менен тийди.

42 Бул шаарлардын ар биринин тегерек-четинде жайыттар болгон.

43 Ошентип, Теңир Ысрайыл уулдарына алардын ата-бабаларына берем деп убада кылган жерлердин бардыгын берди. Алар ал жерлерди мурастап, отурукташып калышты.

44 Теңир алардын ата-бабаларына убада кылгандай, тынч жашоо берди. Кас душмандарынын эч кимиси аларга каршылык көрсөткөн жок. Теңир алардын колуна бардык душмандарын салып берди.

45 Теңирдин Ысрайыл уулдарына айткан жакшы сөздөрүнүн ичинен эч бир сөзү аткарылбай калган жок, бардыгы аткарылды.

**22-БӨЛҮМ**

**Үч уруунун курмандык чалынуучу жай курушу**

1 Ошондо Жашыя Рубейин, Гат урууларын, Менашенин жарым уруусун чакырып алып, мындай деди:

2 <Кудай-Теңирдин кулу Муса силерге эмнени буйруса, бардыгын орундаттыңар, мен силерге эмнени буйрусам, бардыгын аткардыңар.

3 Бир туугандарыңарды бүгүнкүгө чейин, көп күндөр бою таштаган жоксуңар жана Кудай-Теңириңердин буйругу боюнча эмне кылуу керек болсо, ошонун бардыгын кылдыңар.

4 Кудай-Теңириңер бир туугандарыңарга убада кылгандай, азыр алардын көңүлүн тынчытты. Эми артыңарга кайрылып, Теңирдин кулу Муса берген Иордандын аркы өйүзүндөгү жерге, өз чатырларыңарга, өзүңөрдүн жериңерге баргыла.

5 Болгону, Теңирдин кулу Муса берген мыйзамдар менен осуяттарды так аткарууга аракет кылгыла. Кудай-Теңириңерди сүйгүлө, Анын жолдору менен жүргүлө, Анын осуяттарын аткаргыла, Ага жабышкыла, Ага чын жүрөгүңөр, жан-дилиңер менен кызмат кылгыла>.

6 Анан Жашыя аларга батасын берип коё берди, алар өз чатырларына жөнөп кетишти.

7 Менаше уруусунун биринчи жарымына үлүштү Муса берген, алар Башандан жер алышкан. Экинчи жарымына үлүштү Жашыя бөлүп берди, алар Иордандын берки өйүзүнөн, батыш тарабынан жер алышты. Жашыя аларга да батасын берип, өз чатырларына коё берди.

8 Жашыя аларга мындай деди: <Өз чатырларыңарга көп байлык, өтө көп мал, алтын, күмүш, жез, темир, абдан көп кийим-кече менен кайтып бара жатасыңар. Душманыңардан түшкөн олжону бир туугандарыңар менен бөлүшкүлө>.

9 Ошондо Рубейин, Гат уруулары, Менашенин жарым уруусу Канаан жериндеги Шилодон Теңирдин Муса аркылуу берген буйругу боюнча үлүштөрүнө тийген Гилат жерине жол тартышты.

10 Канаан жериндеги Иордандын жанына жеткенде, Рубейин, Гат уулдары, Менашенин жарым уруусу Иордандын жанына алыстан караганда эле көрүнө турган, чоң курмандык чалынуучу жай курушту.

11 Ысрайыл уулдары <Рубейиндин, Гаттын уулдары жана Менашенин жарым уруусу Ысрайыл уулдарына караштуу Канаан жериндеги Иордандын жанына курмандык чалынуучу жай курушту> деген сөздү угушту.

12 Муну угушканда, алар менен согушуу үчүн, Ысрайыл уулдарынын бүт жамааты Шилого чогулду.

13 Ысрайыл уулдары Рубейин, Гат уулдарына жана Менашенин жарым уруусуна, Гилат жерине Элазардын уулу, ыйык кызмат кылуучу Пинехасты жөнөтүштү.

14 Аны менен кошо Ысрайылдын бардык урууларынан бирден уруу башчы чыгарып, он уруу башчы жөнөтүштү. Алардын баары миңдеген ысрайылдыктардан тандалган башчылар эле.

15 Анан алар Гилат жериндеги Рубейиндин, Гаттын уулдарына жана Менашенин жарым уруусуна келишип, мындай деп айтышты:

16 <Теңирдин бүт жамааты мындай деп айтып жатат: "Эмне үчүн силер Ысрайылдын Кудайынын алдында ушундай күнөө кылдыңар? Эмне үчүн силер Теңирден четтеп, өзүңөргө курмандык чалынуучу жай куруп, Теңирге каршы чыктыңар?

17 Эмне, бизге Пейордун мыйзамсыздыгы аздык кылып жатабы? Андан ушул күнгө чейин тазалана элекпиз го. Теңирдин жамааты ошол үчүн кыргынга учурабады беле!

18 Силер болсо бүгүн Теңирден баш тартып жатасыңар! Силер бүгүн Теңирге каршы чыгып жатасыңар. Эртең Теңир Ысрайылдын бүт жамаатына каарын төгөт.

19 Эгерде үлүшүңөргө тийген жерлер силерге таза эмес сезилип жатса, анда Теңирдин жыйын чатыры турган Теңирдин жерине келгиле да, биздин арабыздан жер алгыла, бирок өзүңөргө Кудайыбыздын курмандык чалынуучу жайынан башка курмандык чалынуучу жай куруп, Теңирге каршы чыкпагыла, бизге каршы чыкпагыла.

20 Зерактын уулу Ахан каргышка калганды алып, жалгыз өзү эле кылмыш кылса да, каар жалпы Ысрайыл жамаатына төгүлбөдү беле? Өз мыйзамсыздыгы үчүн ал өзү эле өлгөн жок">.

21 Ошондо Рубейиндин, Гаттын уулдары, Менашенин жарым уруусу буга жооп кылып, миңдеген ысрайылдыктардын башчыларына мындай дешти:

22 <Кудайлардын Кудайы, Теңир, кудайлардын Кудайы, Теңир, билет, Ысрайыл да билсин! Эгерде биз Теңирге каршы чыгып, Андан четтеп жаткан болсок, анда ушул күнү Теңир бизди аябасын!

23 Эгерде биз курмандык чалынуучу жайды Теңирден баш тартыш үчүн, анын үстүндө бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты, нан курмандыгын, тынчтык курмандыгын чалыш үчүн курган болсок, анда бизди Теңир Өзү жазаласын!

24 Биз аны коркконубуздан, кийин силердин балдарыңар биздин балдарыбызга: "Ысрайылдын Кудай-Теңири менен силердин жалпылыгыңар жок!

25 Рубейиндин уулдары менен Гаттын уулдары, ортобузга Теңир чек катары Иорданды койбоду беле, Теңирге силердин тиешеңер жок!" - деп айтпашы үчүн курдук. Силердин балдарыңар биздин балдарыбыздын Теңирге табынуусуна ошентип жол беришмек эмес.

26 Ошондуктан биз мындай чечкенбиз: курмандык чалынуучу жай куралы, бирок бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты жана башка курмандыктарды чалуу үчүн эмес.

27 Ал биз менен силердин, биздин тукумубуз менен силердин тукумуңардын ортосунда Теңирге бүтүндөй өрттөлүүчү, ыраазычылык билдирүү жана башка курмандыктарыбыз менен кызмат кыла аларыбызга күбө болуп турушу үчүн, кийин силердин балдарыңар биздин балдарыбызга: "Теңирге силердин тиешеңер жок", - деп айтпашы үчүн курулду.

28 Бизге жана биздин кийинки укум-тукумубузга ошентип айта турган болушса, анда алар: "Өзүңөр көрүп турган, Теңирдин курмандык чалынуучу жайына окшош бул курмандык чалынуучу жайды биздин ата-бабаларыбыз бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты жана башка курмандыктарды чалуу үчүн эмес, бирок силер менен биздин ортобузга күбө болушу үчүн курган", - деп айтышат.

29 Теңирге каршы чыкпай калалы, Теңирден четтебей калалы, Анын жыйын чатырынын алдында турган курмандык чалынуучу жайдан башка, бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык, тынчтык курмандыгы жана башка курмандыктар чалынуучу жай курбай калалы>.

30 Рубейиндин, Гаттын уулдары менен Менашенин жарым уруусу айткан бул сөздөрдү ыйык кызмат кылуучу Пинехас, анын жанындагы жамаат башчылары жана миңдеген ысрайылдыктардын башчылары туура көрүштү.

31 Элазардын уулу, ыйык кызмат кылуучу Пинехас Рубейиндин, Гаттын уулдарына жана Менашенин жарым уруусуна мындай деди: <Теңир биздин арабызда экенин, силер Теңирдин алдында бул күнөөнү кылбаганыңарды бүгүн билдик. Силер Ысрайыл уулдарын Теңирдин жазасына дуушар кылган жоксуңар>.

32 Элазардын уулу ыйык кызмат кылуучу Пинехас менен башчылар Рубейин уулдары менен Гат уулдарынан Канаан жериндеги Ысрайыл уулдарына ушул жоопту алып келишти.

33 Ысрайыл уулдары муну туура көрүштү, Ысрайыл уулдары Кудайды даңкташты, Рубейиндин уулдары менен Гаттын уулдарынын жерин чаап алуу жөнүндөгү ойлорунан кайтышты.

34 Рубейиндин уулдары менен Гаттын уулдары: <Бул курмандык чалынуучу жай алар менен биздин ортобузда Теңир биздин Кудайыбыз экенине күбө>, - деп, аны Эйт деп аташты.

**23-БӨЛҮМ**

**Нундун уулу Жашыянын элге акыркы жолу берген буйруктары**

1 Теңир Ысрайыл уулдарын туш тараптагы бардык душмандарынан куткарып, тынчтандыргандан кийин, көп мезгил өттү. Жашыя абдан карып калды.

2 Жашыя Ысрайылдын бүт жамаатын, алардын аксакалдарын, башчыларын, башкаруучуларын, көзөмөлдөөчүлөрүн чакыртып алып, аларга мындай деди: <Мен карып калдым.

3 Кудай-Теңириңер ушул турган элдерди силердин алдыңарда эмне кылганын өз көзүңөр менен көрдүңөр, анткени Кудай-Теңириңер силер үчүн Өзү салгылашты.

4 Мен Иордандан батыштагы улуу деңизге чейинки элдердин бардыгын кырып, калган элди силердин укум-тукумуңарга өкчөмө таш боюнча бөлүп бердим.

5 Кудай-Теңириңер силерге айткандай, алардын жерлерин мурастап калышыңар үчүн, Кудай-Теңириңер Өзү аларды алдыңардан кууп чыгып, силердин көз алдыңарда жок кылат.

6 Ошондуктан Мусанын мыйзам китебинде жазылгандардын бардыгын так сактап, так аткарууга аракет кылгыла, андан оңго да, солго да бурулбагыла.

7 Араңарда калып калган элдер менен байланышпагыла, алардын кудайларын эскербегиле, аттарын атабагыла, аларга кызмат кылбагыла, табынбагыла,

8 бирок бүгүнкү күнгө чейин жабышып келгениңердей, Кудай-Теңириңерге жабышкыла.

9 Теңир көп сандаган күчтүү элдерди силердин алдыңардан кууп чыкты. Бүгүнкү күнгө чейин силерге эч ким туруштук бере алган жок.

10 Бирөөңөр эле миңди кубалайсыңар, анткени Кудай-Теңириңер Өзү айткандай, силер үчүн Өзү күрөшүп жатат.

11 Ошондуктан Кудай-Теңириңерди бүт күчүңөр менен сүйүүгө аракет кылгыла.

12 Эгерде силер Теңирден баш тартып, араңарда калган бул элдер менен катышып, кыз алышып, кыз беришип, силер аларга, алар силерге келе турган болсо,

13 анда билип койгула: Кудай-Теңириңер бул элдерди араңардан кууп чыкпайт, алар силерге жайылган тор, мойнуңарга салынган сыйыртмак болот, Кудай-Теңириңер берген берекелүү бул жерде силер кырылып калмайынча, алар жонуңарга камчы, көзүңөргө тикенек болот.

14 Жарык дүйнө менен коштошорума аз калды. Силер жөнүндө Кудай-Теңириңер айткан бардык жакшы сөздөрдүн бири да аткарылбай калбаганын бүт жүрөгүңөр, жан-дилиңер менен таанып билгиле, бардыгы силер үчүн жүзөгө ашты, бир да сөз аткарылбай калган жок.

15 Бирок Кудай-Теңириңер силерге айткан бардык жакшы сөздөрүн кандай аткарып келсе, бардык жаман сөздөрүн да Кудай-Теңириңер берген берекелүү бул жерде силерди жок кылмайынча, ошондой аткарат.

16 Эгерде Кудай-Теңириңердин силер менен түзгөн келишимин бузуп, башка кудайларга кызмат кылып, аларга табынып кетсеңер, анда Теңир силерге каарданат, силер Теңир берген бул берекелүү жерде бат эле кырылып жок болосуңар>.

**24-БӨЛҮМ**

**Нундун уулу Жашыянын керээзи жана көз жумушу**

1 Анан Жашыя Ысрайылдын бардык урууларын Шекемге чогултту, Ысрайыл аксакалдарын, башчыларын, башкаруучуларын, көзөмөлдөөчүлөрүн чакыртып алды, бардыгы Теңирдин алдында турду.

2 Анан Жашыя чогулган бардык элге мындай деди: <Ысрайылдын Кудай-Теңири мындай дейт: "Силердин ата-бабаларыңар, Ыбрайым менен Нахордун атасы Терах эзелтен эле дарыянын аркы өйүзүндө жашап, башка кудайларга кызмат кылып келишкен.

3 Бирок Мен силердин атаңар Ыбрайымды дарыянын аркы өйүзүнөн чакырып алып, бүткүл Канаан жерин кыдыртып, ага Ыскакты берип, тукумун көбөйттүм.

4 Ыскакка Жакып менен Эйсапты бердим. Эйсапка Мен Сеир тоосун мурас кылып бердим. Жакып болсо уулдары менен Мисирге көчүп кетти.

5 Анан Мен Муса менен Арунду жиберип, Мисирди катуу жазалар менен кыйраттым, силерди ал жерден алып чыктым.

6 Мен силердин ата-бабаларыңарды Мисирден алып чыктым, силер Кызыл деңизге келдиңер. Ошондо мисирликтер ата-бабаларыңардын артынан майдан арабалары жана атчан аскерлери менен Кызыл деңизге чейин кууп келишти.

7 Бирок алар Теңирге зар какшап ыйлашты, Ал силер менен мисирликтердин ортосуна караңгылык каптатып, аларды деңизге чөктүрдү. Мисирде Менин эмне кылганымды силер өз көзүңөр менен көргөнсүңөр. Анан силер көп убакыт чөлдө болдуңар.

8 Анан Мен силерди Иордандын ары жагында жашаган аморлуктардын жерине алып келдим. Алар силер менен салгылашышты, бирок Мен аларды силердин колуңарга салып бердим, силер алардын жерин мурастап, үлүшкө алдыңар, Мен аларды силердин көз алдыңарда кырдым.

9 Маап падышасы Сипордун уулу Балак Ысрайылга каршы согушка аттанды, чабарман чаптырып, силерди каргатыш үчүн, Бейордун уулу Биламды чакыртты.

10 Бирок Мен Биламды уккум келген жок, ал силерге батасын берди, Мен силерди анын колунан куткардым.

11 Силер Иордандан өтүп, Жерихого келдиңер. Жерихонун тургундары болгон аморлуктар, периздиктер, канаандыктар, хеттиктер, гиргештиктер, хибиликтер, жебустуктар силерге каршы согушка чыгышты. Бирок Мен аларды силердин колуңарга салып бердим.

12 Мен силердин алдыңардан чоң аарыларды жибердим, чоң аарылар аларды силердин алдыңардан кууп чыгышты. Аморлуктардын эки падышасын кылычыңар менен, жааңар менен кууп чыккан жоксуңар.

13 Мен силерге өзүңөр иштетпеген жерди, өзүңөр курбаган шаарларды бердим, силер ошол шаарларда жашап жатасыңар, өзүңөр отургузбаган жүзүмзарлар менен зайтун бактарынын мөмөлөрүн жеп жатасыңар".

14 Ошондуктан Кудай-Теңирден коркуп, Ага чын жүрөктөн, ак дилден кызмат кылгыла. Дарыянын аркы өйүзүндө жана Мисирде силердин ата-бабаларыңар кызмат кылган кудайлардан баш тарткыла, өз Теңириңерге кызмат кылгыла.

15 Эгерде Кудайга кызмат кылгыңар келбесе, анда азыр кимге кызмат кылууну тандап алгыла, дарыянын аркы өйүзүндө ата-бабаларыңар кызмат кылган кудайларга кызмат кыласыңарбы же силер жеринде жашап жаткан аморлуктардын кудайларына кызмат кыласыңарбы, тандагыла. Мен жана менин үй-бүлөм болсо Теңирге кызмат кылабыз>.

16 Эл мындай деп жооп берди: <Жок, андай болбойт, Теңирди таштап, башка кудайларга кызмат кылбайбыз!

17 Анткени Кудай-Теңирибиз бизди жана биздин ата-бабаларыбызды Мисир жеринен, кулчулуктан алып чыгып, биздин көз алдыбызда чоң кереметтерди көрсөтүп, бизди өткөн бардык жолдорубузда сактады, бизди бардык элдерден сактады.

18 Теңир биздин алдыбыздан бардык элдерди жана бул жерлерде жашаган аморлуктарды кууп чыкты. Ошондуктан биз да Теңирге кызмат кылабыз, анткени Ал биздин Кудайыбыз>.

19 Ошондо Жашыя элге мындай деди: <Теңирге кызмат кыла албайсыңар, анткени Ал - ыйык Кудай, кызганчаак Кудай, Ал силердин мыйзамсыздыктарыңар менен күнөөлөрүңөргө чыдабайт.

20 Эгерде силер Кудай-Теңирди таштап, башка кудайларга кызмат кыла турган болсоңор, Ал буга чейин силерге жакшылык кылып келсе да, башыңарга мүшкүл түшүрүп, кырып салат>.

21 Эл Жашыяга мындай деди: <Жок, биз Кудай-Теңирге кызмат кылабыз>.

22 Жашыя элге мындай деди: <Силер Кудай-Теңирге кызмат кылууну тандап алдыңар, өзүңөргө өзүңөр күбөсүңөр>. Алар: <Ооба, өзүбүзгө өзүбүз күбөбүз>, - дешти.

23 <Андай болсо башка кудайларыңардан баш тартып, жүрөгүңөрдү Ысрайылдын Кудай-Теңирине бургула>.

24 Ошондо эл Жашыяга мындай деди: <Кудай-Теңирибизге кызмат кылабыз, Анын үнүнө кулак салабыз>.

25 Ошол күнү Жашыя эл менен келишим түзүп, Шекемде аларга көрсөтмөлөр менен мыйзам берди.

26 Жашыя бул сөздөрдү Кудайдын мыйзам китебине жазды да, бир чоң ташты алып, Теңирдин ыйык жайынын жанында өскөн эмен дарагынын түбүнө койду.

27 Анан Жашыя бүткүл элге: <Мына бул таш бизге күбө болот, анткени ал Теңирдин бизге айткан сөздөрүнүн баарын укту. Эгерде Кудайыңардан баш тартсаңар, ал силерге каршы күбө болот>, - деди.

28 Анан Жашыя элди, ар бирин өз жерине коё берди.

29 Ошондон кийин Теңирдин кулу Нундун уулу Жашыя жүз он жашка чыгып көз жумду.

30 Аны өз жерине, Гааш тоосунан түндүккө карай кеткен Эпрайым тоосундагы Тимнат-Серахка коюшту.

31 Ысрайыл уулдары Жашыянын көзү тирүүсүндө, ошондой эле Теңирдин Ысрайыл үчүн кылган бардык иштерин көргөн, Жашыядан узагыраак жашаган аксакалдардын көзү тирүүсүндө, Теңирге кызмат кылышты.

32 Ысрайыл уулдары Жусуптун сөөгүн Мисирден алып чыгып, Шекем талаасындагы жерге көмүшкөн. Ал жерди Жакып Шекемдин атасы Хамордун уулдарынан жүз кеситага сатып алган. Кийин ал жер Жусуптун уулдарынын үлүшүнө тийген.

33 Ошондон кийин Арундун уулу Элазар да көз жумду, аны уулу Пинехастын үлүшүнө тийген Эпрайым тоосундагы Гибага коюшту.

**БАШКАРУУЧУЛАР**

**1-БӨЛҮМ**

**Жүйүт менен Шымондун канаандыктар менен болгон согуштары**

1 Жашыя көз жумгандан кийин, Ысрайыл уулдары Теңирден: «Канаандыктар менен согушууга бизден ким биринчи болуп барат?» – деп сурашты.

2 Теңир аларга: «Жүйүт барат. Мен жерди анын колуна берип жатам», – деди.

3 Жүйүт болсо өзүнүн бир тууганы Шымонго: «Мени менен бирге согушканы бар, канаандыктар менен согушабыз. Анан мен сени менен бирге согушканы барам», – деди. Ошентип, Шымон аны менен кетти.

4 Жүйүт согушка жөнөдү. Теңир канаандыктар менен периздиктерди алардын колуна салып берди. Ошентип, алар Безекте алардын он миң адамын кырышты.

5 Безекте алар Адону-Безек менен беттешип, салгылашып, канаандыктар менен периздиктерди талкалашты.

6 Адону-Безек качып жөнөдү, бирок алар артынан кууп жетип, кармап алышты да, анын колу менен бутунун баш бармактарын кесип салышты.

7 Ошондо Адону-Безек: «Колдору менен буттарынын баш бармактары кесилген жетимиш падыша менин үстөлүмдүн астынан күкүм терип жешчү. Мен кандай кылсам, Кудай мени так ошондой жазалады», – деди. Аны Иерусалимге алып келишти, ал ошол жерде өлдү.

8 Жүйүттүн уулдары Иерусалимге каршы согуш ачып, аны багынтып, элин кылычтап кырып, шаарды өрттөп жиберишти.

9 Анан Жүйүттүн уулдары тоодо, түштүктө жана ойдуң жерлерде жашаган канаандыктар менен согушууга жөнөштү.

10 Анан Жүйүт Хеброндо жашаган (Хеброндун мурунку аты Кирийат-Арба болчу) канаандыктарга кол салып, Шейшайды, Акиманды, Талмайды өлтүрдү.

11 Ал жерден ал Дебирдин тургундарына каршы жөнөдү. Дебирдин мурунку аты Кирийат-Сейпер болчу.

12 Ошондо Калеп: «Ким Кирийат-Сейперди талкалап, аны басып алса, ага кызым Аксаны аялдыкка берем», – деди.

13 Ал жерди Калептин иниси Кеназдын уулу Отниел басып алды. Калеп ага кызы Аксаны аялдыкка берди.

14 Кыз узай турган болгондо, Отниел ага атаңдан жер сура деп үйрөтүп койду, ошондо ал эшектен түштү. Калеп кызынан: «Сага эмне керек?» – деп сурады.

15 Акса атасына: «Батаңды бер, сен мага түштүк жерин бердиң, суу башаттарын да бер», – деди. Калеп кызына жогору жактагы башатты да, төмөн жактагы башатты да берди.

16 Мусанын кайын атасы кейни Итронун уулдары Жүйүттүн уулдары менен Курма шаарынан чыгып, Араттын түштүгүндөгү Жүйүт чөлүнө барышты да, эл арасына отурукташып калышты.

17 Жүйүт бир тууганы Шымон менен барып, Сепатта жашаган канаандыктарды кыйратты. Ошондон улам бул шаар Хорма деп аталып калган.

18 Жүйүт ошондой эле Азаны, Ашкелонду, Экронду тегерек-чети менен басып алды.

19 Теңир Жүйүт менен болду, ал тоо аймагын ээлеп алды. Бирок өрөөндө жашагандарды кууп чыга алган жок, анткени алардын темирден жасалган майдан арабалары бар эле.

20 Муса айткандай, Калепке Хебронду беришти. Калеп ал жерден Анактын үч уулун кууп чыкты.

21 Бирок Иерусалимде жашаган жебустуктарды Бенжемин уулдары кууп чыгышкан жок. Жебустуктар Бенжемин уулдары менен Иерусалимде бүгүнкү күнгө чейин бирге жашашат.

**Эпрайым жана Менаше урууларынын Бейтелди басып алышы**

22 Ошондой эле Жусуптун уулдары да Бейтелге каршы аттанышты, Теңир алар менен болду.

23 Жусуптун уулдары Бейтелди карап чыгышты (шаардын мурдагы аты Луз эле).

24 Сакчылар шаардан келе жаткан адамды көрүп, ага: «Бизге шаарга кире турган жерди көрсөтүп берсең, сага ырайым кылабыз», – дешти.

25 Ал шаарга кире турган жерди көрсөтүп берди, алар шаарды кылычтап кыйратышты да, тиги кишини урук-туугандары менен коё беришти.

26 Ал киши хеттиктердин жерине барып, шаар куруп, аны Луз деп атады. Ал бүгүнкү күнгө чейин ошондой аталат.

**Канаандыктарды кууп чыкпаган Ысрайыл уруулары**

27 Менаше Бейт-Шейанда, Таанахта, Дордо, Иблейемде, Мегидодо жана алардын карамагындагы шаарларда жашаган элдерди кууп чыккан жок. Ошентип, канаандыктар ошол жерлерде кала беришти.

28 Ысрайыл күч алганда, канаандыктарга салык төлөтүп койду, бирок аларды кууп чыккан жок.

29 Эпрайым да Гезерде жашаган канаандыктарды кууп чыккан жок. Канаандыктар алардын арасында, Гезерде жашап калышты.

30 Забулун да Китрон менен Налолдун тургундарын кууп чыккан жок. Канаандыктар алардын арасында жашап, салык төлөп калышты.

31 Ашыр да Аконун, Сидондун, Аклаптын, Аказиптин, Хелбанын, Апиктин жана Рехоптун тургундарын кууп чыккан жок.

32 Ашыр ушул жерлерде жашаган канаандыктардын арасында жашап калды, анткени аларды кууп чыккан жок.

33 Напталы да Бейт-Шемештин, Бейт-Анаттын тургундарын кууп чыккан жок. Ал ушул жерлерде жашаган канаандыктардын арасында жашап калды. Бейт-Шемеш менен Бейт-Анаттын тургундары ага салык төлөп калышты.

34 Аморлуктар Дан уулдарын өрөөнгө түшүрбөй, тоого сүрүп салышты.

35 Аморлуктар Херес тоосунда, Айалондо, Шаалбимде жашап калышты, бирок Жусуптун уулдары аморлуктарды багындырып алышты. Аморлуктар аларга салык төлөп калышты.

36 Аморлуктардын жери Акрабым дөңсөөсүнөн жана Селадан жогору карай кетет.

**2-БӨЛҮМ**

**Теңирдин периштеси Бохимде**

1 Теңирдин периштеси Гилгалдан Бохимге келип, мындай деди: «Мен силерди Мисирден алып чыгып, ата-бабаларыңарга берем деп убада кылган жерге алып келип: "Мен силер менен түзгөн келишимимди түбөлүккө бузбайм.

2 Силер болсо бул жердин тургундары менен келишим түзбөгүлө, алардын курмандык чалынуучу жайларын талкалагыла", – деп айттым эле. Бирок силер Менин үнүмдү укпай койдуңар. Эмне үчүн мындай кылдыңар?

3 Ошондуктан Мен: "Аларды араңардан кууп чыкпайм, алар силер үчүн сыйыртмак болот, алардын кудайлары силер үчүн жайылган тор болот", – деп айтам».

4 Теңирдин периштеси Ысрайыл уулдарына ушул сөздөрдү айтканда, эл боздоп ыйлап жиберди.

5 Ошондуктан ал жерди Бохим деп аташат. Ал жерде алар Теңирге курмандык чалышты.

**Ысрайылдын Кудайдан четтеши**

6 Жашыя элди коё бергенде, Ысрайыл уулдары өз энчисине тийген жерлерди ээлегени жөнөшкөн.

7 Алар Жашыянын көзү тирүүсүндө, ошондой эле Теңирдин Ысрайыл үчүн кылган улуу иштеринин баарын көргөн, Жашыядан узагыраак жашаган аксакалдардын көзү тирүүсүндө, Теңирге кызмат кылышчу.

8 Бирок Теңирдин кулу Нундун уулу Жашыя жүз он жашка чыгып көз жумуп,

9 аны өз энчисине тийген жерге, Гааш тоосунан түндүктү карай кеткен Эпрайым тоосундагы Тимнат-Хереске коюшкандан кийин,

10 бул эл ата-бабалары жаткан жайга кеткенден кийин, алардын ордуна Кудайды тааныбаган, Анын Ысрайылга кылган иштерин билбеген башка муун келгенден кийин,

11 Ысрайыл эли Теңирдин алдында мыйзамсыз иштерди жасап, Баалга кызмат кыла баштады.

12 Алар Мисир жеринен алып чыккан ата-бабаларынын Кудай-Теңирин таштап, башка кудайларга, алардын айланасында жашаган элдердин кудайларына кайрылып, ошолорго табынып, Теңирди каардантышты.

13 Теңирди таштап, Баал менен Ашейрага кызмат кыла башташты.

14 Теңир Ысрайылга каарданып, аларды талап-тоноочулардын колуна салып берди. Аларды талап-тоношту. Аларды айланасындагы душмандардын колуна салып берди, алар кас душмандарына туруштук бере албай калышты.

15 Алар кайда барбасын, Теңир аларга айткандай, Теңир аларга ант бергендей, Теңирдин колу бардык жерде аларга каршы турду. Алардын абалы өтө оор болду.

**Башкаруучулардын коюлушу**

16 Ошондо Теңир аларга башкаруучуларды коюп турду. Башкаруучулар аларды талап-тоноочулардан куткарып турушту.

17 Бирок алар башкаруучуларды да укпай, башка кудайларды ээрчип, аларга табынып, Теңирдин осуяттарын аткарган ата-бабаларынын жүргөн жолунан тез эле четтеп кетишти, осуяттарды аткарышкан жок.

18 Теңир аларга башкаруучуларды коюп турган, Теңир Өзү башкаруучу менен болуп, башкаруучунун көзү тирүүсүндө аларды кас душмандарынан куткарып турган, анткени аларды эзип, кысымга алышканда, Теңир алардын зар-муңун угуп аяган.

19 Бирок башкаруучунун көзү өтөрү менен, алар кайра эле башка кудайларды ээрчип, аларга табынып, кызмат кылып, ата-бабаларыныкынан да жаман иштерди кылышкан. Алар өжөрлөнүп, жаман иштерин токтотушкан эмес.

**Теңирдин каары**

20 Ошондо Теңир Ысрайылга каарданып, мындай деген: «Ата-бабалары менен түзгөн келишимимди бузушканы үчүн, Менин үнүмдү угушпаганы үчүн,

21 Жашыя өлөр алдында калтырып кеткен элдердин бирин да Мен булардын арасынан кууп чыкпайм.

22 Анткени алар аркылуу Ысрайылды ата-бабалары жүргөн Теңирдин жолу менен жүрүшөбү же жүрүшпөйбү деп сынайм».

23 Теңир бул элдерди калтырып койгон, аларды дароо кууп чыккан эмес, Жашыянын колуна салып берген эмес.

**3-БӨЛҮМ**

**Куулуп чыгарылбаган элдер**

1 Теңир канаандыктар менен болгон согуштар тууралуу билбеген Ысрайыл уулдарынын кийинки муундарын сыноо үчүн,

2 алар согушканды үйрөнүшү үчүн, мына бул элдерди калтырган:

3 пелиштиликтердин беш төрөсү, бардык канаандыктар, сидондуктар жана Баал-Хермон тоосунан Хаматтын кире беришине чейинки Лебанон тоосунда жашаган хибилер.

4 Алар ысрайылдыктарды сыноо үчүн, Теңирдин Муса аркылуу ата-бабаларына берген осуятына алардын баш иер-ийбесин билиш үчүн калтырылган.

5 Ысрайыл уулдары канаандыктардын, хеттиктердин, аморлуктардын, периздиктердин, хибилердин жана жебустуктардын арасында жашап калышты.

6 Анан алардын кыздарын аялдыкка алып, өздөрүнүн кыздарын алардын уулдарына берип, алардын кудайларына кызмат кыла башташты.

**Отниел**

7 Ысрайыл уулдары Теңирдин көз алдында жаман иш кылышты: өздөрүнүн Кудай-Теңирин унутуп, Баал менен Ашейра бурканына кызмат кылышты.

8 Ошондо Теңир Ысрайылга каарданып, аларды Месопотамия падышасы Кушан-Ришатайымдын колуна салып берди. Алар Кушан-Ришатайымга сегиз жыл кызмат кылышты.

9 Ошондо Ысрайыл уулдары Теңирге боздоп кайрылышты. Теңир аларга куткаруучуну койду, аларды куткарган Калептин иниси Кеназдын уулу Отниел болчу.

10 Теңирдин Руху анын үстүндө эле. Ал Ысрайылга башкаруучу болду. Ал согушка аттанды, Теңир анын колуна Месопотамия падышасы Кушан-Ришатайымды салып берди, ал Кушан-Ришатайымды багынтып алды.

11 Ошентип, жер үстүндө кырк жыл тынчтык болду. Кеназдын уулу Отниел көз жумду.

**Эйут**

12 Ысрайыл уулдары Теңирдин алдында кайрадан жаман иштерди кыла башташты. Теңирдин алдында жаман иштерди кылышкандыгы үчүн, Теңир Маап падышасы Эглонго ысрайылдыктар менен согушууга күч берди.

13 Ал амондуктар менен амалыктыктарды топтоду да, Ысрайылга кол салып, аны багындырып, Курма шаарын ээлеп алды.

14 Ысрайыл уулдары Маап падышасы Эглонго он сегиз жыл кызмат кылышты.

15 Ошондо Ысрайыл уулдары Теңирге боздоп кайрылышты. Теңир аларды куткарууга Бенжемин уруусунан Гейранын уулу, куткаруучу сологой Эйутту койду. Ысрайыл уулдары Эйуттан Маап падышасы Эглонго белек берип жиберишти.

16 Эйут узундугу чыканактай, кош миздүү кылыч жасап алып, чапанынын ичине, оң жамбашына байлады.

17 Ал белекти Маап падышасы Эглонго алып барып берди. Эглон өтө семиз киши эле.

18 Эйут Эглонго белектерди тартуулагандан кийин, Эглон белек алып келген кишилерди чыгарып жиберди.

19 Эйут болсо Гилгалда турган таш буркандарга барып, ал жерден кайра кайтып келип: «Падыша, сага айта турган жашыруун сөзүм бар», – деди. Падыша ага: «Акырын!» – деди. Ошондо алдында тургандардын бардыгы чыгып кетишти.

20 Эйут анын жанына келди. Ал өзүнүн үстүнкү бөлмөсүндө отурган эле. Анан Эйут: «Сага айта турган Кудайдын сөзү бар», – деди. Эглон ордунан турду.

21 Эйут сол колун сунуп, оң жамбашынан кылычын сууруп алды да, аны ичке сайды.

22 Кылыч сабы менен кошо кирип кетти, аны казысы жаап калды, анткени Эйут кылычты кайра сууруп алган эмес, кылыч артын көзөп өттү.

23 Эйут үстүнкү бөлмөнүн эшиктерин бекитип, кире бериш бөлмөгө чыкты.

24 Ал чыгып кеткенден кийин, Эглондун кулдары келип, үстүнкү бөлмөнүн эшиктери бек экенин көрүшүп: «Ал муктаждыгын канааттандыруу үчүн салкын бөлмөдө болсо керек», – дешти.

25 Көпкө күтүштү, бирок үстүнкү бөлмөнүн эшиктерин эч ким ачпагандыктан, ачкычты алып, эшикти ачышты да, жерде өлүп жаткан төрөсүн көрүштү.

26 Алар көпкө күтүп турганда, Эйут узап кетти. Ал таш буркандардын жанынан өтүп, Сеирге качып келди.

27 Келери менен ал Эпрайым тоосунда сурнай тартты. Ысрайыл уулдары аны менен тоодон түшүштү. Ал алардын алдында бара жатты.

28 Анан аларга: «Менин артымдан жүргүлө, анткени Теңир душманыңар мааптыктарды силердин колуңарга салып берди», – деди. Алар анын артынан ээрчишти да, Иордандын Маапка өтүүчү өткөөлүн басып алып, эч кимди өткөрбөй турушту.

29 Ошол учурда мааптыктардын он миңге жакын кишисин кырып салышты. Бардыгы алыбеттүү, күчтүү адамдар эле, бирок эч кимиси качып кутулган жок.

30 Ошол күнү мааптыктар ысрайылдыктарга ошентип багынышты. Жер үстүндө сексен жыл тынчтык болду.

**Шамгар**

31 Эйуттан кийин Анаттын уулу Шамгар башкаруучу болду. Ал өгүз айдаган учтуу таяк менен пелиштиликтердин алты жүз кишисин өлтүрдү. Ал да ысрайылдыктарды куткарып калган.

**4-БӨЛҮМ**

**Дебора менен Барак**

1 Эйут көз жумгандан кийин, Ысрайыл уулдары Теңирдин көз алдында кайрадан жаман иштерди кыла баштaшты.

2 Теңир аларды Хатсордо бийлик кылган Канаан падышасы Жабиндин колуна салып берди. Анын аскер башчысы Харошет-Агойимде жашаган Сисра эле.

3 Анын тогуз жүз темир арабасы болгон, ал Ысрайыл уулдарын жыйырма жыл аёосуз эзди, ошондо Ысрайыл уулдары Теңирге боздоп кайрылышты.

4 Ошол кезде Ысрайылдын башкаруучусу пайгамбар аял Дебора болчу, ал Лапидоттун зайыбы эле.

5 Ал Рама менен Бейтелдин ортосундагы Эпрайым тоосунда, Дебораның курмасынын түбүндө отурчу. Ысрайыл уулдары ага кеңеш сураганы келип турушчу.

6 Дебора чабарман жөнөтүп, Кедеш Напталыдан Абынаамдын уулу Баракты чакыртып алып, ага мындай деди: «Ысрайылдыктардын Кудай-Теңири сага буйрук кылат: “Бар, Напталы менен Забулундун уулдарынан он миң адам алып, Табор тоосуна чык.

7 Мен болсо Жабиндин аскер башчысы Сисраны майдан арабалары жана көп сандаган аскерлери менен сага, Кишон дарыясына алып келип, сенин колуңа салып берем”».

8 Барак ага: «Эгерде сен мени менен барсаң, барам, эгерде сен мени менен барбасаң, барбайм», – деди.

9 Дебора Баракка: «Сени менен барарын барам, бирок сен бул согушта атакка ээ болбойсуң. Теңир Сисраны аялдын колуна салып берет», – деди. Анан Дебора ордунан турду да, Барак менен бирге Кедешке жөнөдү.

10 Барак Забулун уулдары менен Напталы уулдарын Кедешке чакырды. Анын соңунан он миң адам жөнөдү, алар менен кошо Дебора да жөнөдү.

11 Кейни Хебер Мусанын кайнагасы Хобаптын уулдарынан – кейнилерден бөлүнүп калды да, Кедештен алыс эмес Эйлон-Бетсаананимдеги эмен токоюнун жанына чатырын тикти.

12 Абынаам уулу Барак Табор тоосуна чыкты деп, Сисрага билдиришти.

13 Сисра бардык майдан арабаларын, темирден жасалган тогуз жүз майдан арабасын, өзүнүн бүт элин чогултуп, Харошет-Агойимден Кишон дарыясын көздөй жол тартты.

14 Ошондо Дебора Баракка: «Ордуңан тур, анткени Теңир Сисраны сенин колуңа бүгүн салып берет. Теңир Өзү сенин алдыңда барат», – деди. Барак Табор тоосунан түшкөндө, артынан он миң адам кошо түштү.

15 Ошондо Теңир Бараktын кылычы менен Сисраны, анын бардык майдан арабалары менен аскерлерин дүрбөлөңгө түшүрдү. Сисра майдан арабадан түшүп, жөө качып жөнөдү.

16 Барак анын майдан арабалары менен аскерлерин Харошет-Агойимге чейин кууп барды. Сисранын бардык аскери кылычтан кырылды, эч кимиси аман калган жок.

17 Сисра кейни Хебердин аялы Жаелдин чатырын көздөй жөө качты, анткени Хатсор падышасы Жабин менен кейни Хебердин үй-бүлөсү өз ара ынтымактуу эле.

18 Жаел Сисраны тосуп чыгып, ага: «Кир мырзам, кир менин үйүмө, коркпо», – деди. Ал анын чатырына кирди, аял аны килем менен жаап койду.

19 Сисра аялга: «Мага ичкенге суу берчи, таңдайым кургап турат», – деди. Аял сүт куйган чаначты чечип, анын суусунун кандырды да, кайрадан жаап койду.

20 Сисра аялга: «Чатырдын оозунда тур, эгерде кимдир бирөө келип, сенден: “Мында ким бар?” – деп сурап калса, “Эч ким жок”, – де», – деди.

21 Ал чарчап уктап калганда, Хебердин зайыбы Жаел чатырдын казыгын алып, колуна балка кармап, акырын жанына басып келип, казыкты анын чыкыйына сайып, жерге житире урду, ал өлдү.

22 Ошол учурда Сисраны сая кууган Барак жетип келди. Жаел аны утурлай чыгып, ага: «Кир, мен сага издеп жүргөн кишиңди көрсөтөйүн», – деди. Ал аялдын чатырына кирип, өлүп жаткан Сисраны көрдү, казык чыкыйында сайылып турган эле.

23 Теңир ошол күнү Ысрайыл уулдарына Канаан падышасы Жабинди багынтты.

24 Канаан падышасы Жабинди өлтүргүчө, Ысрайыл уулдары барган сайын күч алды.

**5-БӨЛҮМ**

**Дебора менен Бараktын ыры**

1 Ошол күнү Дебора менен Абынаам уулу Барак төмөнкүдөй ыр ырдашты:

2 «Ысрайыл кегин алды, калайык ынталуулук көрсөттү. Теңирди даңктагыла!

3 Падышалар, кулак салгыла! Төрөлөр, көңүл бургула! Мен Теңирге ырдайм! Ысрайылдын Кудай-Теңирине аспап чертип ырдайм!

4 Сен, Теңир, Сеирден чыкканыңда, Эдом талаасынан салтанат менен чыкканыңда, жер солкулдап, асмандан суу тамчылап, булуттар жамгыр төккөн.

5 Теңирдин алдында тоолор, Ысрайылдын Кудай-Теңиринин алдында Синай тоосу солкулдаган.

6 Анаттын уулу Шамгардын убагында, Жаелдин убагында жолдор ээн жаткан, мурда түз жолдор менен жүргөндөр ошол убакта айланма жолдор менен жүрүп калышкан.

7 Мен, Дебора – Ысрайылдагы эне, ордуман турганга чейин, Ысрайылдын кыштактарында эч ким жашабай калган.

8 Алар жаңы кудайларды тандап алышканда, дарбаза алдында согуш болду. Кырк миң ысрайылдыктын калканы менен найзасын көрдүңөр беле?

9 Жүрөгүм силер менен, Ысрайыл башчылары, өз ыктыяры менен элин коргогондор! Теңирди даңктагыла!

10 Ак ургаачы эшекке минип жүргөндөр, килемде отургандар, жолдо кетип бараткандар, ырдагыла!

11 Кудуктардын жанына малын чогулткандар Теңирди даңктап, Ысрайыл жол башчыларын мактап ырдашсын! Ошондо Кудайдын эли дарбазаларды карай жөнөдү.

12 Шаттан, Дебора! Шаттан, Дебора! Ыр ырдап, даңкта! Тур, Барак, Абынаам уулу, туткундарыңды алып бас!

13 Ошондо Теңир күчтүүлөрдү аз сандагы адамдарга багынтып берген. Теңир мага эр жүрөктөрдү багынтып берген.

14 Амалыктын жерине отурукташып калган эпрайымдыктар келишкен. Анын артынан Бенжемин өз эли менен келген. Эл башчылар Махирден, калем кармаганды билген катчылар Забулундан келишкен.

15 Исахардын төрөлөрү Дебора менен келишти, Исахар да Барактай болуп өрөөнгө жөө түштү. Рубейин уулдарынын арасында чоң келишпестик бар.

16 Малдын маараганын угуп, мал короолордо эмне отурасың? Рубейин уулдарынын арасында чоң келишпестик бар.

17 Иордандын аркы өйүзүндө Гилат тынч жашап жатат, кемелери бар Дан эмнеден корксун? Ашыр деңиз жээгинде отурат, кемелер токтоочу жайдын жанында тынч жашап жатат.

18 Забулун – өз жанын тобокелге салган эл, Напталы да – дөңсөөлөрдө өз жанын тобокелге салган эл.

19 Падышалар келишти, салгылашышты. Ошондо Канаан падышалары Мегидо сууларынын жанындагы Танахта салгылашышты, бирок күмүш олжолоп алышкан жок.

20 Асманда жылдыздар салгылашышты, өз жолдорунда Сисра менен салгылашышты.

21 Аларды Кишон дарыясы, байыркы дарыя, Кишон дарыясы агызып кетти. Жаным, душмандарымдын күчүн тебеле!

22 Анын күчтүүлөрү качканда, аттарынын туяктары майтарылып сынды.

23 Мейроз шаарын каргагыла, – дейт Теңирдин периштеси, – анда жашагандарды каргагыла, анткени алар Теңирге жардамга келишкен жок, Теңирге жана кайраттууларга көмөк беришкен жок!

24 Кейни Хебердин зайыбы Жаел, чатырларда жашаган аялдардын арасындагы ал, баталуу болсун!

25 Сисра суу сураганда, ал сүт берди, төрөлөр ичкен чөйчөккө эң жакшы сүт куюп келди.

26 Сол колуна казык, оң колуна темир устанын балкасын алып, Сисраны чыкыйга сайып, башын жарды.

27 Ал аялдын бутуна жыгылып жатып калды, анын бутуна кулады, кулаган жеринде өлдү.

28 Сисранын энеси тор терезеден карап: "Анын майдан арабасы эмнеге мынча кечигет, анын майдан арабасынын дөңгөлөктөрүнүн дабышы эмнеге угулбайт?" – деп боздойт.

29 Анын кызматчы аялдарынын акылдуулары ага жооп берет, ал өзүнө өзү жооп берет:

30 "Алар олжо таап алып, бөлүшүп жатышса керек, ар бир жоокерге бирден же экиден кыз тийсе керек. Олжодон Сисрага ар кыл түстүү, ичи-тышы саймаланган, туткундун жонунан сыйрылып алынган кийим тийсе керек".

31 Теңир, Сенин кас душмандарың мына ушинтип жок болсун! Теңирди сүйгөндөр болсо бардык күч-кубаты менен жаркырап чыккан күндөй болсун!» Ошентип, жер үстүндө кырк жыл тынчтык болду.

**6-БӨЛҮМ**

**Гидон**

1 Ысрайыл уулдары Теңирдин алдында кайрадан жаман иштерди кыла баштаганда, Теңир аларды жети жылга мидиандыктардын колуна салып берди.

2 Мидиандыктар ысрайылдыктарды аёосуз эзишти. Ысрайыл уулдары мидиандыктардан качып, өздөрүнө жашыруун жерлерди, үңкүрлөрдү, баш калкалоочу жайларды даярдашты.

3 Ысрайылдыктар эгин айдаган мезгилде, мидиандыктар менен амалыктыктар жана чыгыш элдери келип,

4 алардын жерине чатырларын тигип, Азага чейинки эгиндин баарын жок кылышчу, ысрайылдыктарга азык үчүн кой да, өгүз да, эшек да калтырышчу эмес.

5 Анткени алар мал-жаны, чатырлары менен келип, сан жеткис чегирткелердей каптап калышчу. Өздөрү да, төөлөрү да сансыз көп болчу. Алар Ысрайыл жерин кыйратуу үчүн келишчү.

6 Мидиандыктар Ысрайылды абдан жакырлантышты. Ошондо Ысрайыл уулдары Теңирге зар какшашты.

7 Ысрайылдыктар Теңирге мидиандыктар тууралуу боздоп кайрылышканда,

8 Теңир Ысрайыл уулдарына пайгамбар жөнөтүп, аларга мындай деди: «Ысрайылдын Кудай-Теңири мындай дейт: "Мен силерди Мисирден, кулчулуктун жеринен алып чыккам.

9 Силерди мисирликтердин колунан, силерди эзгендердин баарынын колунан бошотуп, аларды силердин алдыңардан кууп чыгып, жерлерин силерге тартып бергем.

10 Мен силерге: "Мен силердин Кудай-Теңириңермин. Өзүңөр жашаган жердеги аморлуктардын кудайларына табынбагыла", – деп айткам. Бирок силер Менин үнүмдү укпай койгонсуңар”».

11 Теңирдин периштеси келип, Абиезердин тукуму Жаашка таандык болгон Опрадагы эмендин түбүнө отурду. Ошол учурда анын уулу Гидон буудайды мидиандыктардын көзүнө көрсөтпөш үчүн, жүзүм сыгылуучу жайда жанчып жаткан.

12 Ошондо ага Теңирдин периштеси келип: «Эр жүрөк эркек, Теңир сени менен!» – деди.

13 Ага Гидон: «Төрөм! Эгерде Теңир биз менен болсо, анда эмне үчүн ушунун баары башыбызга түштү? “Мисирден бизди Теңир алып чыккан”, – деп, ата-бабаларыбыз айткан Анын кереметтери кайда? Теңир бизди таштап салды, Ал бизди мидиандыктардын колуна салып берди», – деди.

14 Теңир аны карап туруп: «Ушул күч-кубатың менен бар да, Ысрайылды мидиандыктардын колунан куткар. Сени Мен жөнөтүп жатам», – деди.

15 Гидон Ага: «Теңирим! Ысрайылды мен кантип куткарам? Менин үй-бүлөм – Менаше уруусундагы эң жарды үй-бүлө, үй-бүлөдө мен эң кичүүсүмүн», – деди.

16 Теңир ага: «Мен сени менен болом, мидиандыктарды сен бир кишини кыйраткандай кыйратасың», – деди.

17 Ага Гидон мындай деди: «Эгерде мен Сенин алдыңда ырайым тапкан болсом, анда мага Сен сүйлөп жатканыңды ырастаган жышаан бер.

18 Мен барып, тартуумду алып келип, Сенин алдыңа коймоюнча, бул жерден кетпе». Ал: «Сен барып келгенче, Мен ушул жерде болом», – деди.

19 Гидон барып, улак союп, бир эйфа ундан ачыткысыз нан бышырды. Этти себетке салып, сорпону карапага куюп, эмендин түбүнө алып келип, Ага тартуу кылды.

20 Ошондо Теңирдин периштеси ага: «Эт менен ачыткысыз нанды алып, бул таштын үстүнө кой да, сорпону төк», – деди. Ал ошондой кылды.

21 Теңирдин периштеси колундагы таягынын учун эт менен ачыткысыз нанга тийгизди, таштан от чыгып, эт менен нанды жалмап кетти. Ошондон кийин Теңирдин периштеси көздөн кайым болду.

22 Гидон анын Теңирдин периштеси экенин көрүп: «О Эгедер Теңирим! Мага кайгы, анткени мен Теңирдин периштесин бетме-бет көрдүм», – деди.

23 Теңир ага: «Сага тынчтык болсун, коркпо, сен өлбөйсүң», – деди.

24 Гидон ал жерге Теңирге арнап курмандык чалынуучу жай куруп, аны «Жахаба-Шалом»1 деп атады. Ал ушул күнгө чейин Абиезердин Опрасында турат.

25 Ошол түнү Теңир ага: «Атаңдын бир өгүзүн, үч асый дагы бир өгүзүн алып кел да, атаңдын Баалга курмандык чалуучу жайын талкала, анын жанындагы Ашейра дарагын кыйып сал.

26 Анан Теңириңе, өз Кудайыңа, ушул асканын чокусуна, даярдалган жерге курмандык чалынуучу жай кур да, экинчи өгүздү алып, өзүң кыя турган Ашейра дарагынан алынган отундун үстүнө коюп, бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка чал», – деди.

27 Гидон он кулун алды да, Теңирдин айтканындай кылды, бирок атасынын үйүндөгүлөрүнөн жана шаар тургундарынан корккондуктан, муну күндүз эмес, түн ичинде кылды.

28 Эртең менен турган шаар тургундары Баалга курмандык чалуучу жай талкаланганын, анын жанындагы Ашейра дарагы кыйылганын, жаңы курулган курмандык чалынуучу жайда экинчи өгүздүн бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка чалынганын көрүп,

29 бири-бирине: «Муну ким кылды?» – дешти. Издешти, сураштырышты, кимдир бирөөлөр: «Муну Жааштын уулу Гидон кылды», – дешти.

30 Анан шаар тургундары Жаашка: «Уулуңду алып чык. Баалга курмандык чалуучу жайды талкалап, жанындагы Ашейра дарагын кыйгандыгы үчүн, ал өлүшү керек», – дешти.

31 Ошондо Жааш келгендердин бардыгына: «Баалга болуша турган, аны коргой турган силерби? Ким аны жактаса, ушул эле таңда өлүмгө дуушар болот. Эгерде ал Кудай болсо, өзүн өзү коргосун; ким анын курмандык чалынуучу жайын бузса, аны өзү жазаласын», – деди.

32 «Баалга курмандык чалуучу жайды бузгандыгы үчүн, аны менен Баал өзү эсептешсин», – деп, ошол күнү Гидонго Жеруп-Баал деген ат койду.

33 Ошол арада мидиандыктар менен амалыктыктар жана чыгыш элдери чогулуп, дарыядан өтүп, Израйел өрөөнүнө стандары менен жайланышышты.

34 Гидонду болсо Теңирдин Руху курчады. Ал мүйүз тартып, Абиезердин тукумун чакырды, алар анын артынан жүрүүгө даяр болду.

35 Ал Менаше уруусуна элчилерди жөнөттү, алар да анын артынан жүрүүгө даяр болушту. Ошондой эле Ашырга, Забулунга, Напталыга элчилерди жиберди, алар да анын артынан жүрүүгө даяр болушту.

36 Ошондо Гидон Кудайга: «Эгерде Сен Өзүң айткандай, мен аркылуу Ысрайылды куткара турган болсоң,

37 анда мен мына бул кырманга кыркылган жүндү төшөйм. Эгерде ушул жүнгө шүүдүрүм түшүп, калган жер кургак калса, анда Өзүң айткандай, Сен мен аркылуу Ысрайылды куткарасың деп билем», – деди.

38 Так ошондой болду: эртеси эртең менен эрте туруп, ал жүндү сыгып, бир чөйчөк толтура суу алды.

39 Ошондо Гидон Кудайга: «Эгерде мен дагы бир сөз айтсам, мага каарданба. Жүн менен кылган сыноону дагы бир кайталайын. Жүндүн өзү кургак калсын да, жерге шүүдүрүм түшсүн», – деди.

40 Кудай ошол түнү так ошондой кылды. Жүн гана кургак калып, жерге шүүдүрүм түштү.

**7-БӨЛҮМ**

**Согушка даярдануу**

1 Жеруп-Баал (Гидон) эртең менен эрте турду. Аны менен келген бүт эл стандары менен Эйин-Харот булагынын жанына жайланышты. Мидиан станы болсо түндүктү карай кеткен өрөөндөгү Аморе адырында эле.

2 Теңир Гидонго мындай деди: «Сени менен келген эл өтө көп. Ысрайылдыктар Менин алдымда: “Өзүмдү өзүм куткардым”, – деп текеберденип кетпеши үчүн, мидиандыктарды Мен алардын колуна салып бербейм.

3 Ошондуктан элге угуза айт: “Ким жүүнү бош, коркок болсо, Гилат тоосунан түшүп, келген жагына кетсин”». Ошондо жыйырма эки миң киши артка кайтты, он миң киши калды.

4 Анан Теңир Гидонго мындай деди: «Дагы эле эл көп. Буларды сууга алып бар, ошол жерден мен сага тандап берем. Мен кимди: “Сени менен барсын”, – десем, ошол сени менен барсын, Мен кимди: “Сени менен барбашы керек”, – десем, ал барбасын».

5 Ал элди сууга алып келди. Теңир Гидонго: «Сууну итке окшоп тили менен шалпып ичкендерди өзүнчө бөл, тизе бүгүп, эңкейип ичкендерди өзүнчө бөл», – деди.

6 Үч жүз киши сууну кочуштап сузуп, оозу менен шалпып ичти. Калгандары сууну тизе бүгүп, эңкейип ичишти.

7 Ошондо Теңир Гидонго: «Сууну шалпып ичкен үч жүз киши аркылуу Мен силерди мидиандыктардан куткарам, аларды колуңарга салып берем. Ал эми калгандары өз-өз чатырларына кайтышсын», – деди.

8 Алар кеткендердин азыктары менен мүйүздөрүн алып калышты. Гидон үч жүз кишини алып калып, калган ысрайылдыктарды өз-өз чатырларына таратты. Мидиандыктардын станы төмөн жактагы өрөөндө эле.

9 Ошол түнү Теңир ага мындай деди: «Тур, станга кир, Мен аны сенин колуңа салып берем.

10 Эгерде жалгыз баргандан коркуп жатсаң, станга өз кызматчың Пура менен бар.

11 Ошондо алардын эмне деп жатканын угасың да, карууңа күч кирип, станга киресиң». Анан ал кызматчысы Пура менен стандагы күзөттө турган аскерлерге түшүп барды.

12 Мидиандыктар менен амалыктыктар жана бардык чыгыш элдери өрөөндү чегирткедей каптап калышкан эле. Төөлөрү эсепсиз, өздөрү деңиз жээгиндеги кумдай сансыз эле.

13 Гидон келди. Ошондо бирөө бир кишиге көргөн түшүн айтып жатты: «Түшүмдө бир тоголок арпа нан Мидиан станын аралап, тоголонгон бойдон чатырга келип бир тийди, чатыр кулап калды; аны аласалтты, чатыр жыгылып калды».

14 Экинчиси ага мындай деп жооп берди: «Бул – ысрайылдык Жааштын уулу Гидондун кылычы, андан бөлөк нерсе эмес. Кудай мидиандыктарды жана бүт станды анын колуна салып берди».

15 Гидон түштү жана анын чечмеленишин угуп, Кудай-Теңирге таазим этип, станына кайтып келди да, мындай деди: «Тургула! Кудай Мидиан станын колуңарга салып берди!»

16 Анан ал үч жүз кишини үч топко бөлүп, бардыгынын колдоруна мүйүздөрдү жана бош кумураларды берди, ошондой эле кумуралардын ичине салганга шам берди.

17 Анан аларга мындай деди: «Мени карап, мен кылганды кылгыла. Мен алардын станына жакындаганда, эмне кылсам, силер да ошону кылгыла.

18 Мен жана мени менен бараткандар мүйүздөрдү тартканда, силер да мүйүздөрдү бүт станды айланта тартып: “Теңир үчүн, Гидон үчүн!” – деп кыйкыргыла».

19 Анан Гидон ортоңку күзөт убагында жүз киши менен станга келип, сакчыларды ойготуп, мүйүздөрдү тартып, колдорундагы кумураларды талкалашты.

20 Ошондо үч топ мүйүздөрдү тартып, кумураларын талкалады. Алар сол колдоруна шамдарын кармап, оң колдорундагы мүйүздөрдү тартып, жер жаңырта: «Теңир үчүн, Гидон үчүн!» – деп кыйкырышты.

21 Станды тегеректеген алардын ар бири өз ордунда турду. Бүт стан дүрбөлөңгө түшүп, кыйкырып, туш-тушка качып жөнөдү.

22 Үч жүз киши мүйүздөрдү тартканда, Теңир мидиандыктардын бүт станын бири-бирине каршы кылыч көтөрттү. Кошуун Серейрага карай Бейт-Ашитке чейин, Табатанын жанындагы Абел-Мекеланын чек арасына чейин качты.

23 Напталы, Ашыр урууларынан жана Менашенин бүт уруусунан ысрайылдыктар чакыртылды. Анан алар мидиандыктардын артынан кууп жөнөштү.

24 Гидон болсо Эпрайым тоосундагылардын баарына мындай деп айттырыш үчүн, элчилерин жөнөттү: «Мидиандыктарды утурлап чыккыла да, Бейт-Бара менен Иордан дарыясынын өткөөлдөрүн бөгөп тургула». Ошондо бүткүл эпрайымдыктар чакыртылып, Бейт-Бара менен Иорданга чейинки өткөөлдөрдү бөгөп турушту.

25 Алар мидиандыктардын Орейип менен Зейеп деген эки төрөсүн колго түшүрүп, Орейипти Сур-Орейипте, Зейепти Жекеп-Зейепте өлтүрүштү да, мидиандыктарды андан ары кууп жөнөштү. Орейип менен Зейептин баштарын Иордандын берки өйүзүнө, Гидонго алып келишти.

## 8-БӨЛҮМ

### Мидиандыктардын жеңилиши

1 Эпрайымдыктар Гидонго: «Мидиандыктар менен согушканы барганда, сен эмне үчүн бизди чакырган жоксуң?» – деп, аябай ачууланышты.

2 Гидон аларга мындай деди: «Менин кылганымды силердин кылганыңарга салыштырып болобу? Абиезер жыйнап алган жүзүмгө караганда, Эпрайым терип алган жүзүм артык эмеспи?

3 Мидиан төрөлөрү Орейип менен Зейепти Кудай силердин колуңарга салып берди. Силер кылганды мен кыла алдымбы?» Ал ушундай сөздөрдү айтканда, ага нааразы болуп жаткан эпрайымдыктар тынчып калышты.

4 Гидон жана анын душманды кууп чарчаган үч жүз адамы Иордандан өтүштү.

5 Анан Гидон Сукоттун тургундарына кайрылып: «Менин адамдарыма нан бергиле, алар чарчашты. Мен Мидиан падышалары Зебак менен Салмунду кууп жүрөм», – деди.

6 Сукоттун төрөлөрү: «Биз сенин аскерлериңе нан бергидей, Зебак менен Салмунду колуңа түшүрүп алдың беле?» – дешти.

7 Гидон: «Ушинткениңер үчүн, Зебак менен Салмунду Теңир колума салып бергенде, денеңерди чөлдүн тикенеги менен, тикендүү жыгач менен жанчыйм», – деди.

8 Ал жерден ал Пенуелге барды да, анын жашоочуларына да ошол эле сөздү айтты. Ага Пенуелдин жашоочулары да Сукоттун жашоочуларындай жооп беришти.

9 Ал Пенуелдин жашоочуларына да: «Жеңиш менен кайтканымда, бул мунараны талкалайм», – деди.

10 Зебак менен Салмун чыгыш элдеринин кошуунундагы аман калган он беш миңге жакын аскери менен Каркордо эле. Кылычты кынынан сууруй алгандардын арасынан жүз жыйырма миң адам өлгөн.

11 Гидон Нобах менен Жокпеянын чыгыш тарабындагы чатырларда жашагандардын жолу менен барып, бейкапар жаткан кошуунду талкалады.

12 Зебак менен Салмун качып жөнөдү. Гидон мидиандыктардын эки падышасы Зебак менен Салмунду кууп жетип, колго түшүрүп, бүт кошуунду дүрбөлөңгө салды.

13 Жааштын уулу Гидон Херес дөңсөөсүнөн, согуштан кайтып келип,

14 Сукоттон бир жаш жигитти кармап алып, суракка алды. Ал Сукоттун жетимиш жети төрөсүнүн жана аксакалдарынын тизмесин жазып берди.

15 Анан ал Сукоттун тургундарына келип: «Зебак менен Салмун мына! Булар үчүн мени: "Сенин алсыраган аскерлериңе нан бергидей, Зебах менен Салмунду колуңа түшүрүп алдың беле?" – деп шылдың кылгансыңар», – деди да,

16 шаардын аксакалдарын, Сукоттун тургундарын, чөлдүн тикенеги менен, тикендүү жыгач менен жазалады.

17 Пенуел мунарасын да талкалап, анын тургундарын да өлтүрдү.

18 Анан Зебак менен Салмунга: «Силер Табордо өлтүргөн кишилердин сырткы көрүнүшү кандай эле?» – деди. Алар: «Алар сага окшош эле, ар бири падыша уулдарына окшош эле», – дешти.

19 Гидон: «Алар менин бир туугандарым, менин энемдин уулдары болчу. Теңир тирүү! Аларды тирүү калтырсаңар, мен силерди өлтүрмөк эмесмин», – деди.

20 Анан тун уулу Жетерге: «Тур, буларды өлтүр!» – деди. Бирок уулу жаш болгондуктан коркуп, кылычын сууруп чыккан жок.

21 Ошондо Зебак менен Салмун: «Туруп, бизди өзүң өлтүр, анткени адамдын күчү өзүнө жараша болот», – деди. Гидон ордунан туруп, Зебак менен Салмунду өлтүрдү да, алардын төөлөрүнүн мойнундагы формасы жарты айдай болгон жасалгаларын чечип алды.

22 Ысрайылдыктар Гидонго: «Бизди сен башкар, уулуң, уулуңдун уулу башкарсын, анткени сен бизди мидиандыктардын колунан куткарып алдың», – дешти.

23 Гидон аларга: «Силерди мен да, менин уулум да башкарбайт. Силерди Теңир башкарсын», – деди.

24 Гидон аларга мындай деди: «Силерден бир гана нерсе сурайм, алган олжоңордон ар бириң мага бирден сырга бергиле (Анткени душмандары ысмайылдыктар болгондуктан, аларда алтын сыргалар көп эле)».

25 Алар: «Беребиз», – дешти. Кийим жайып, үстүнө ар бири өз олжосунан бирден сырга таштады.

26 Мидиан падышалары кийген кочкул кызыл кийимдерди, алтын топчуларды, жасалгаларды жана алардын төөлөрүнүн мойнундагы алтын чынжырларды кошпогондо, ал сурап алган алтын сыргалардын салмагы бир миң жети жүз алтын шекел болду.

27 Алардан Гидон бир эфод жасап, аны өз шаары Опрага койду. Ысрайылдыктар ага табына башташты, ал Гидонго жана анын бүт үй-бүлөсүнө жайылган тор болду.

28 Ысрайыл уулдарына мидиандыктар ушинтип багынышты, алар ошондон кийин баш көтөргүс болушту. Гидондун убагында жер үстүндө кырк жыл тынчтык болду.

**Гидондун көз жумушу**

29 Жааш уулу Жеруп-Баал үйүнө кайтты.

30 Гидондун жетимиш уулу болгон, анткени анын аялдары көп эле.

31 Шекемде жашаган күң аялы да уул төрөп берди. Ал анын атын Абы-Мелек койду.

32 Жааштын уулу Гидон өтө карыган кезде көз жумду, анын сөөгү атасы Жааш коюлган жерге, Абиезердин Опра шаарына коюлду.

33 Гидон өлгөндөн кийин, Ысрайыл уулдары кайрадан бузулуп, Баалды ээрчип, өздөрүнө Баал-Беритти кудай кылып коюп алышты.

34 Ысрайыл уулдары өздөрүн курчап турган бардык кас душмандардын колунан куткарган Кудай-Теңирин унутуп коюшту.

35 Ысрайылга жакшылык кылганына карабастан, Жеруп-Баалга – Гидондун үй-бүлөсүнө ырайым кылышкан жок.

**9-БӨЛҮМ**

**Абы-Мелек**

1 Жеруп-Баалдын уулу Абы-Мелек Шекемге барып, энесинин бир туугандарына жана бардык урук-тууганына мындай деди:

2 «Шекемдин бардык тургундарына айткыла: “Силер үчүн кайсынысы жакшы: Жеруп-Баалдын жетимиш уулу башкарганы жакшыбы же бир эле адам башкарганы жакшыбы? Мен силердин өз сөөгүңөр, өз денеңер экенимди эстегиле”».

3 Анын бул сөздөрүн энесинин бир туугандары Шекемдин тургундарына айтышты. «Ал биздин бир тууганыбыз эмеспи», – деп, алардын жүрөгү Абы-Мелекке бурулду.

4 Алар Баал-Берит деген жасалма кудайдын үйүнөн ага жетимиш шекел күмүш алып беришти. Ал күмүштөргө Абы-Мелек бекерпоз, жеңил ойлуу адамдарды жалдап алды. Алар анын артынан ээрчишти.

5 Анан ал Опрага, атасынын үйүнө келип, бир туугандарын, Жеруп-Баалдын жетимиш уулун бир таштын үстүндө өлтүрдү. Жеруп-Баалдын кенже уулу Жотам гана тирүү калды, анткени ал жашынып калган эле.

6 Шекемдин бардык тургундары жана Мило үйүндөгүлөр чогулуп, Шекемге жакын эмен дарагынын түбүндө Абы-Мелекти падыша көтөрүп алышты.

7 Муну Жотамга айтышканда, ал барып, Гаризим тоосунун чокусуна чыгып, аларга мындай деп катуу кыйкырды: «Шекемдин тургундары, мени уксаңар, Кудай да силерди угат!

8 Өздөрүнө падыша кылып майлаш үчүн, дарактар зайтун дарагына барып: “Бизге падыша бол”, – дешти.

9 Зайтун дарагы аларга: “Адамдар менен кудайларды урматтоодо колдонулган майымды таштап, дарактардын арасында сандалып жүрмөк белем?” – деди.

10 Ошондо дарактар анжырга: “Сен келип, бизге падыша бол”, – дешти.

11 Анжыр аларга: “Таттуу, жакшы мөмөмдү таштап, дарактардын арасында сандалып жүрмөк белем?” – деди.

12 Ошондо дарактар жүзүм сабагына: “Сен келип, бизге падыша бол”, – дешти.

13 Жүзүм сабагы аларга: “Адамдар менен кудайларды кубандырган ширемди таштап, дарактардын арасында сандалып жүрмөк белем?” – деди.

14 Акырында бардык дарактар тикендүү бадалга: “Сен келип, бизге падыша бол”, – дешти.

15 Тикендүү бадал дарактарга: “Эгерде силер, чындыгында эле, мени өзүңөргө падыша коюп жатсаңар, анда менин түбүмө көлөкөлөгүлө. Эгерде андай кылбасаңар, анда тикендүү бадалдан от чыгып, Лебанон кедрлерин өрттөп салат”, – деди.

16 Кана айткылачы, Абы-Мелекти падыша коюп, силер адилеттик, акыйкаттык кылдыңарбы? Жеруп-Баалга жана анын үй-бүлөсүнө адилеттик кылдыңарбы? Анын кылган жакшылыгына жараша жооп бердиңерби?

17 Менин атам силер үчүн салгылашкан, өз өмүрүн аяган эмес, силерди мидиандыктардын колунан куткарган.

18 Силер болсо менин атамдын үй-бүлөсүнө каршы көтөрүлүп, атамдын жетимиш уулун бир таштын үстүндө өлтүрдүңөр. Бир тууганыңар болгону үчүн Шекемдин тургундарына атамдын күң аялынын уулу Абы-Мелекти падыша койдуңар.

19 Эгерде силер Жеруп-Баалга жана анын үй-бүлөсүнө адилеттик, акыйкаттык кылган болсоңор, анда Абы-Мелектин падыша болгонуна сүйүнгүлө, ал да силер үчүн сүйүнсүн.

20 Эгерде андай кылган эмес болсоңор, анда Абы-Мелектен от чыгып, Шекемдин тургундары менен Мило үйүндөгүлөрдү өрттөп кетсин же Шекемдин тургундары менен Мило үйүндөгүлөрдөн от чыгып, Абы-Мелекти өрттөп кетсин».

21 Жотам бир тууганы Абы-Мелектен качып, Бейирге келди да, ошол жерде жашап калды.

22 Абы-Мелек Ысрайылга үч жыл падышачылык кылды.

23 Кудай Абы-Мелек менен Шекем тургундарынын ортосуна жаман рух жиберди. Ошондо Шекемдин тургундары Абы-Мелекке баш ийбей калышты.

24 Жеруп-Баалдын жетимиш уулунун өчү ушинтип алынды. Алардын каны аларды өлтүргөн бир тууганы Абы-Мелектин жана бир туугандарын өлтүрүүгө жардам берип колдоп турган Шекем тургундарынын мойнуна жүктөлдү.

25 Шекемдин тургундары тоолордун баштарына ага каршы буктурма коюшту, буктурмадагылар жолдон өткөн ар кимди талап-тоношту. Ошондо бул тууралуу Абы-Мелекке билдиришти.

26 Шекемге бир туугандары менен Эбеданын уулу Гаал келди, алар Шекемди аралап жүрүштү. Шекемдин тургундары аларга таянышты.

27 Алар талаага чыгып, жүзүм жыйнап, ширесин сыгышты да, майрам өткөрүп, өздөрүнүн кудайынын үйүнө барып, ичип-жеп, Абы-Мелекти каргашты.

28 Эбеданын уулу Гаал мындай деди: «Биз ага кызмат кылгыдай, Абы-Мелек ким эле, Шекем эмне эле? Ал Жеруп-Баалдын уулу эмеспи, анын башчысы Зебул эмеспи? Ага эмнеге кызмат кылмак элек? Андан көрө Шекемдин атасы Хамордун тукумуна кызмат кылгыла.

29 Бул элди колума берсе, мен Абы-Мелекти падышачылыктан түшүрүп салмакмын». Анан ал Абы-Мелекке: «Аскериңди көбөйт да, беттешүүгө чык», – деди.

30 Эбеданын уулу Гаалдын бул сөзүн угуп, шаар башчысы Зебулдун каары кайнады.

31 Ал Абы-Мелекке жашыруун түрдө элчилерин жиберип: «Эбеданын уулу Гаал бир туугандары менен Шекемге келип, шаарды сага каршы тукуруп жатат,

32 ошондуктан жаныңдагы аскерлер менен түн ичинде туруп, талаага буктурма кой.

33 Эртең менен эрте туруп, күн чыгар алдында шаарга кол сал. Ал өзүнүн аскерлери менен сени беттеп чыкканда, колуңдан келгенин кыл, аларды аяба», – деп айттырды.

34 Абы-Мелек өзүнүн аскерлери менен түн ичинде туруп, төрт тобун Шекемдин жанына буктурмага койду.

35 Эбеданын уулу Гаал шаардан чыгып, дарбазанын алдында турду. Абы-Мелек өз аскерлери менен буктурмадан чыкты.

36 Гаал элди көрүп, Зебулга: «Эл тоолордун баштарынан түшүп келе жатат», – деди. Зебул болсо ага: «Тоолордун көлөкөсү сага эл көрүнүп жатса керек», – деди.

37 Гаал дагы мындай деди: «Эл тоодон төмөн түшүп келе жатат. Бир аскер тобу Мейоненим эмен дарагына кетчү жолдон чыкты», – деди.

38 Зебул ага: «“Абы-Мелекке кызмат кылгыдай, ал ким эле?” – дебедиң беле? Сен тоотпогон эл ушул. Кана эми булар менен салгылашып көр», – деди.

39 Ошондо Гаал Шекем тургундарын баштап чыгып, Абы-Мелек менен салгылашты.

40 Гаал качып жөнөдү, Абы-Мелек анын артынан түштү. Өлгөндөр өтө көп болуп, шаар дарбазасынын алдында өлүктөр жатты.

41 Абы-Мелек Арумда калды. Зебул Гаалды жана анын бир туугандарын Шекемде жашатпай кууп чыкты.

42 Эртеси эл талаага чыкты. Бул тууралуу Абы-Мелекке билдиришти.

43 Ошондо ал өз элин үч топко бөлүп, талаага буктурмага койду. Ал шаардан чыгып келе жаткан элге кол салып, аларды кырып салды.

44 Абы-Мелек өз топтору менен шаардын дарбазасынын жанына келип турган кезде башка эки топ талаада турган элге кол салып, аларды кырып жатты.

45 Абы-Мелек шаардын эли менен ошол күнү кечке салгылашып, шаарды басып алды да, андагы элди кырып, шаарды талкалап, ага туз сээп салды.

46 Муну угуп, Шекем мунарасындагылардын баары Баал-Берит бутканасынын мунарасына кирип кетишти.

47 Шекем мунарасындагылардын баары чогулганын Абы-Мелекке билдиришти.

48 Абы-Мелек өзүнүн бүт эли менен Салмон тоосуна чыгып, балталарын алып, дарактардын бутактарын кыйып, ийнине койду да, өзү менен келген элге мындай деди: «Менин эмне кылганымды көрдүңөрбү? Силер да тезинен мен кылганды кылгыла».

49 Ошондо келген элдин баары бутактарды кыйып, Абы-Мелектин артынан көтөрүп келишти да, аларды мунаранын тегерегине таштashты. Анан бутактарга от коюп, мунараны өрттөштү. Шекем мунарасындагылардын баары өлдү, анда миңге жакын эркек жана аял бар эле.

50 Анан Абы-Мелек Тейбеске барып, аны курчоого алып, басып алды.

51 Шаардын ортосунда бекем мунара бар болчу. Эркектер менен аялдар, шаардын бардык эли ошол мунарага качып кирип, эшигин бекитип, үстүнө чыгып кетишти.

52 Абы-Мелек мунарага келип, аны курчады. От коюп өрттөш үчүн, мунаранын эшигине келди.

53 Ошол учурда бир аял Абы-Мелектин башына тегирмен ташынын сыныгын таштап жиберди, ал анын баш сөөгүн талкалап кетти.

54 Абы-Мелек ошол замат курал көтөргөн жигитин чакырып: «Кылычыңды кынынан сууруп, мени өлтүрүп сал, “Аны аял өлтүрдү” деп айтышпасын», – деди. Жаш жигит аны сайып салды, ал өлдү.

55 Абы-Мелектин өлгөнүн көргөн ысрайылдыктар өз жайларына тарап кетишти.

56 Жетимиш бир тууганын өлтүрүп, атасына кылган кыянаттыгы үчүн, Теңир Абы-Мелекти ушундай жазалады.

57 Шекемдин тургундарынын кылган бардык жамандыгын Кудай алардын өз башына салды. Жеруп-Баалдын уулу Жотамдын каргышы аларга тийди.

**10-БӨЛҮМ**

**Тола**

1 Абы-Мелектен кийин Ысрайылды куткарыш үчүн, Исахар уруусунан Додонун уулу, Пуянын уулу Тола чыкты. Ал Эпрайым тоосундагы Шамирде жашачу.

2 Ал Ысрайылга жыйырма үч жыл башкаруучу болду. Көз жумуп, Шамирге коюлду.

**Жайыр**

3 Андан кийин гилаттык Жайыр чыкты, ал Ысрайылга жыйырма эки жыл башкаруучу болду.

4 Анын отуз жаш эшекке минип жүргөн отуз уулу болгон, алардын отуз шаары бар эле. Аларды ушул кезге чейин Гилат жериндеги Жайырдын шаарлары дешет.

5 Жайыр көз жумуп, Камонго коюлду.

**Иптах**

6 Ысрайыл уулдары кайрадан Теңирдин көз алдында жаман иштерин кыла башташты. Алар Баалдар менен Ашейраларга, арамейликтердин, сидондуктардын, мааптыктардын, амондуктардын, пелиштиликтердин кудайларына кызмат кылып жатышты. Теңирди таштап, Ага кызмат кылбай калышты.

7 Теңир Ысрайылга каарданып, аларды пелиштиликтер менен амондуктардын колуна салып берди.

8 Алар ошол жылдан тартып Иордандын аркы өйүзүндө, аморлуктардын Гилаттагы жеринде жашаган ысрайылдыктарды он сегиз жыл кысымга алып эзишти.

9 Амондуктар Жүйүт, Бенжемин жана Эпрайым уруулары менен согушуу үчүн, Иордандан өтүп келишти. Ысрайыл уулдары абдан кыйналышты.

10 Ошондо Ысрайыл уулдары Теңирге боздоп кайрылышты: «Биз Сенин алдыңда күнөөгө баттык, себеби Кудайыбызды таштап, Баалдарга кызмат кылдык».

11 Теңир Ысрайыл уулдарына мындай деди: «Силерди мисирликтер, аморлуктар, амондуктар, пелиштиликтер,

12 сидондуктар, амалыктыктар, мааптыктар эзишкенде, силер Мага кайрылганда, Мен силерди алардын колунан куткарып турган жок белем?

13 Силер болсо Мени таштап, башка кудайларга табынып кеттиңер. Ошон үчүн Мен силерди эми куткарбайм.

14 Баргыла да, өзүңөр тандап алган кудайларыңарга жалынгыла, башыңарга түшкөн кыйынчылыктан силерди ошолор куткарсын».

15 Ошондо Ысрайыл уулдары Теңирге: «Күнөөгө баттык, бизди эмне кылсаң, Өзүң бил, азыр бизди куткарып кал», – дешти.

16 Ошентип, алар бөтөн кудайларды таштап, Теңирге кызмат кыла башташты. Ысрайылдын азап тартып жатканын көрүп, Ал чыдап тура алган жок.

17 Амондуктар чогулуп, стандары менен Гилатка жайланышышты. Ысрайыл уулдары да чогулуп, стандары менен Миспага жайланышышты.

18 Ошондо Гилаттын эли менен төрөлөрү бири-бирине: «Амондуктарга каршы салгылашты ким биринчи баштаса, ошол бардык Гилат тургундарынын башчысы болот», – дешти.

**11-БӨЛҮМ**

1 Бузулган аял төрөгөн, Гилаттын баласы гилаттык Иптах тайманбас адам эле.

2 Аялы да Гилатка эркек балдарды төрөп берди. Аялы төрөгөн балдар эр жеткенде, Иптахты: «Сен биздин атабыздын үйүндө мураскор эмессиң, анткени сени бөлөк аял төрөгөн», – деп кууп жиберишти.

3 Иптах бир туугандарынан качып барып, Тоб деген жерде жашап калды. Иптахтын тегерегине бекерпоз кишилер топтолуп, аны ээрчип жүрүшчү.

4 Бир нече убакыттан кийин амондуктар ысрайылдыктарга каршы согуш ачышты.

5 Амондуктар менен ысрайылдыктар согушуп жаткан учурда Гилаттын аксакалдары Тоб жеринен Иптахты алып кетиш үчүн келишип, Иптахка:

6 «Бизге келип, жол башчы бол, амондуктар менен согушабыз», – дешти.

7 Ошондо Иптах Гилаттын аксакалдарына: «Мени жектеп, атамдын үйүнөн кууп жибербедиңер беле?! Мага эмнеге келдиңер, башыңарга кыйынчылык түшкөндө келип калдыңарбы?» – деди.

8 Гилаттын аксакалдары болсо Иптахка: «Сага келгенибиздин себеби мындай: биз менен барып, амондуктар менен согуш, бизге – Гилаттын бардык тургундарына башчы бол», – дешти.

9 Иптах Гилаттын аксакалдарына: «Эгерде амондуктар менен согушуу үчүн кайра барсам, Кудай аларды менин колума салып берсе, мен силерге башчы болуп каламбы?» – деди.

10 Гилаттын аксакалдары Иптахка: «Теңир күбө, сен айткандай кылабыз», – дешти.

11 Ошентип, Иптах Гилаттын аксакалдары менен жөнөп кетти, эл аны өзүнө башкаруучу жана аскер башчы кылып алды. Иптах айтчу сөздөрүнүн баарын Миспада, Теңирдин алдында айтты.

12 Анан Иптах амондуктардын падышасына төмөнкү сөздөрдү айттырыш үчүн, элчилерин жөнөттү: «Биздин жерге кол салгыдай, биз сага эмне кылдык?»

13 Амондуктардын падышасы Иптахтын элчилерине: «Ысрайылдыктар Мисирден келе жатканда, Арнондон тартып Жабок менен Иорданга чейинки жеримди тартып алышкан. Эми аны мага тынчтык менен кайтарып бер», – деди.

14 Ошондо Иптах амондуктардын падышасына экинчи жолу элчилерин жөнөттү.

15 Ага мындай деп айттырды: «Иптах мындай дейт: “Маaптыктар менен амондуктардын жерлерин ысрайылдыктар тартып алган эмес.

16 Анткени Ысрайыл Мисирден келе жатканда, чөлдөн өтүп, Кызыл деңизге, анан Кадешке келген.

17 Ал жерден ысрайылдыктар Эдом падышасына чабарман жөнөтүп: "Сенин жериңен өтүүгө уруксат бер", – деп айттырган, бирок Эдом падышасы укпай койгон. Маaптыктардын падышасына да чабарман жөнөткөн, ал да макул болгон эмес, ошондуктан ысрайылдыктар Кадешке токтоп калышкан.

18 Анан ысрайылдыктар чөл менен жүрүп отуруп, эдомдуктар менен маaптыктардын жерлерин айланып өтүп, Маап жеринин чыгыш чек арасына келип, стандары менен Арнондун аркы өйүзүнө жайгашкан, бирок маaптыктардын жерине киришкен эмес, анткени Арнон маaптыктардын чек арасы болчу.

19 Анан Ысрайыл аморлуктар менен Кешпондун падышасы Сихонго элчилерин жөнөтүп: "Өз жерибизге силердин жериңер аркылуу өтүп кетүүгө уруксат бергиле", – деп айттырган.

20 Бирок Сихон Ысрайылды өз жеринен өткөрүүгө макулдугун берген эмес. Сихон бардык элин чогултуп, стандарын Жааска жайгаштырып, Ысрайыл менен согушкан.

21 Ысрайылдыктардын Кудай-Теңири Сихонду бүт эли менен ысрайылдыктардын колуна салып берген. Ысрайылдыктар аларды талкалап салышкан. Ал жерде жашаган аморлуктардын бүт жерин Ысрайыл мурастап алган.

22 Алар ошондой эле Арнондон Жабокко чейинки, чөлдөн Иорданга чейинки аморлуктардын бардык жерин мурастап алышкан.

23 Ысрайылдыктардын Кудай-Теңири Өз эли Ысрайылдын алдынан аморлуктарды кууп чыгарган. Сен эми Ысрайылдын мурасын алгың келип турабы?

24 Сен өзүңдүн кудайың Кемош берген жерге ээ эмессиңби? Биз болсо өзүбүздүн Кудай-Теңирибиз мураска берген жерге ээбиз.

25 Сен, эмне, мааптыктардын падышасы Сипордун уулу Балактан артыксыңбы? Ал, эмне, Ысрайыл менен чатакташты беле же аны менен согушту беле?

26 Ысрайылдын Кешпондо, Аройерде жана аларга караштуу шаарларда, Арнондун боюндагы шаарларда жашаганына үч жүз жыл болду. Ал жерлерди силер эмне үчүн ошол учурда тартып алган жоксуңар?

27 Мен сенин алдыңда айыптуу эмесмин, сен мага каршы согуш ачып, жамандык кылып жатасың. Ысрайыл уулдары менен амондуктардын ортосунда соттоочу Теңир азыр Өзү Сот болсун”».

28 Бирок амондуктардын падышасы Иптахтын айттырган сөзүнө кулак салган жок.

29 Иптахтын үстүнө Теңирдин Руху түштү. Иптах Гилат менен Менашеден, Гилаттын Миспасынан өтүп, амондуктарга жөнөдү.

30 Ошондо Иптах Теңирге мындай деп убада берди: «Эгерде Сен амондуктарды менин колума салып берсең,

31 анда мен амондуктардан тынчтык менен кайтып келе жатканда, үйүмдүн дарбазасынан, алдыман эмне чыкса, ал Сеники болот, Теңир, аны мен бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка чалам».

32 Анан Иптах амондуктар менен салгылашканы кетти. Теңир амондуктарды анын колуна салып берди.

33 Иптах аларды талкалады; Аройерден Минитке чейинки жана Абел-Керемимге чейинки жыйырма шаарды катуу талкалады. Амондуктар Ысрайыл уулдарына багынып беришти.

**Иптахтын кызы**

34 Иптах Миспага, үйүнө кайтып келе жатканда, алдынан дап кагып бийлеп, кызы чыкты. Ал анын жалгыз кызы эле, андан бөлөк эркек баласы да, кызы да жок болчу.

35 Ал кызын көргөндө, кийимин айрып жиберип, мындай деди: «Аттиң ай, кызым! Сен мени азапка салбадыңбы! Менин тынчтыгымды буза тургандардын эсебине сен да кирип калдың! Теңирге убада берип койбодум беле, эми андан баш тарта албайм».

36 Кызы ага: «Атаке! Теңирге убада берип койсоң, Теңир сен аркылуу душмандарың амондуктардан өчүңдү алып берип жаткандан кийин, мен жөнүндө берген убадаңды аткар», – деди.

37 Анан дагы атасына: «Сенден бир гана нерсени суранам, мени эки айга коё бер. Теңтуш курбуларым менен тоого чыгып, кыз өмүрүмдү жоктоп ыйлап алайын», – деди.

38 Атасы: «Бара кой», – деди. Ал кызын эки айга коё берди. Ал курбу кыздары менен тоого чыгып, кыз өмүрүн жоктоп ыйлады.

39 Эки ай өткөндөн кийин, кыз атасына кайрылып келди. Атасы кызы тууралуу берген убадасын жүзөгө ашырды, кызы эркек көргөн жок. Ошондон тартып Ысрайылда мындай салт калды:

40 жыл сайын Ысрайыл кыздары барып, гилаттык Иптахтын кызы үчүн төрт күн ыйлашат.

**12-БӨЛҮМ**

**Иптах жана эпрайымдыктар**

1 Эпрайымдыктар чогулуп, Сапонго өтүп келишти да, Иптахка: «Эмне үчүн бизди жардамга чакырбай эле, амондуктар менен согушканы кетип калдың? Үстүңдөгү үйүң менен кошо өрттөп жиберебиз», – дешти.

2 Иптах аларга: «Менин, менин элим менен амондуктардын ортосунда чоң келишпестик бар болчу. Силерди чакыргам, бирок силер мени алардын колунан куткарган жоксуңар.

3 Куткарбасыңарды көрүп, мен өз өмүрүмдү тобокелге салып, амондуктарга каршы бардым. Теңир аларды менин колума салып берди. Силер эми эмнеге мени менен согушканы келдиңер?» – деди.

4 Анан Иптах Гилаттын бардык элин топтоп, эпрайымдыктар менен салгылашты. Эпрайымдыктар: «Силер качкын эпрайымдыктарсыңар. Гилат Эпрайымдын да, Менашенин да арасында жашайт», – деп айтышкандыгы үчүн, гилаттыктар аларды кырып салышты.

5 Гилаттыктар Иордандын өткөөлдөрүн эпрайымдыктардан тартып алышты. Аман калган эпрайымдыктардын бири: «Өткөөлдөн өтүп кетүүгө уруксат эт», – дегенде, гилаттыктар андан: «Сен эпрайымдыктардан болосуңбу?» – деп сурашчу. Тиги: «Жок», – деп жооп берсе,

6 анда гилаттыктар ага: «“Шибболет” деп айт», – дешчү. “Шибболет” деп айта албай, “Сибболет” деп айткан адамды гилаттыктар Иордан өткөөлүндө өлтүрүп салышчу. Ошентип, эпрайымдыктардан кырк эки миң адам өлдү.

7 Иптах Ысрайылга алты жыл башкаруучу болду. Гилаттык Иптах көз жумуп, Гилат шаарларынын бирине коюлду.

**Ипсан, Элон, Абдон**

8 Андан кийин Ысрайылга Бейт-Лехемден чыккан Ипсан башкаруучу болду.

9 Анын отуз уулу болгон, отуз кызын күйөөгө берген, отуз кызды сырттан келин кылып алган. Ал Ысрайылга жети жыл башкаруучу болду.

10 Ипсан көз жумуп, Бейт-Лехемге коюлду.

11 Андан кийин Ысрайылга забулундук Эйлон башкаруучу болуп, Ысрайылды он жыл башкарды.

12 Забулундук Эйлон да көз жумуп, забулундуктардын жери Айалонго коюлду.

13 Андан кийин Ысрайылга пиратондук Илейелдин уулу Абдон башкаруучу болду.

14 Анын жетимиш кодикке минген кырк уулу, отуз небереси болгон. Ал Ысрайылды сегиз жыл башкарды.

15 Пиратондук Илейелдин уулу Абдон да көз жумуп, эпрайымдыктардын жериндеги, амалыктыктардын тоосундагы Пиратонго коюлду.

**13-БӨЛҮМ**

**Шимшондун төрөлүшү**

1 Ысрайыл уулдары кайрадан Теңирдин алдында жаман иштерди кыла башташты. Теңир аларды кырк жылга пелиштиликтердин колуна салып берди.

2 Ошол кезде соралык Манойах деген адам болгон, ал Дан уруусунан эле. Аялынын боюна бүтпөгөндүктөн, балалуу болгон эмес.

3 Теңирдин периштеси анын аялына келип, мындай деди: «Сенин боюңа бүткөн жок, бала төрөгөн жоксуң, эми боюңа бүтүп, уул төрөйсүң.

4 Ошондуктан сак бол, шарап да, күчтүү ичимдик да ичпе, таза эмес нерсе жебе.

5 Анткени сенин боюңа бүтүп, уул төрөйсүң. Анын башына устара тийбесин, анткени жатында жаткандан баштап эле наристе Кудайдын назири болот. Ал Ысрайылды пелиштиликтердин колунан куткара баштайт».

6 Аял келип, күйөөсүнө мындай деди: «Мага көрүнүшү даңктуу, Кудайдын периштесиндей болгон Кудайдын бир адамы келди, ал абдан коркунучтуу экен. Анын кайдан келгенин сурабай калыптырмын, ал да мага атын айткан жок.

7 Ал мага: "Сенин боюңа бүтүп, уул төрөйсүң. Ошондуктан шарап да, күчтүү ичимдик да ичпе, таза эмес нерсе жебе, анткени наристе жатында жаткандан баштап өлгөнгө чейин Кудайдын назири болот", – деди».

8 Манойах Теңирге: «Теңир, Сен жөнөткөн Кудайдын адамы бизге дагы бир жолу келип, төрөлө турган баланы эмне кылышыбыз керек экенин үйрөтүп кетсин», – деп сыйынды.

9 Кудай Манойахтын үнүн укту. Аялы талаада жүргөндө, Теңирдин периштеси дагы келди, бирок күйөөсү Манойах жанында жок эле.

10 Аялы ошол замат жүгүрүп барып, күйөөсүнө кабарлады: «Баягыда мага келген адам келди».

11 Манойах ордунан туруп, аялы менен ал адамга келди да, ага: «Бул аял менен сүйлөшкөн адам сенсиңби?» – деди. Периште: «Менмин», – деди.

12 Манойах: «Эгерде сенин айтканың аткарыла турган болсо, ал баланы кантебиз, эмне кылабыз?» – деди.

13 Теңирдин периштеси Манойахка мындай деди: «Мен сенин аялыңа эмнени айтсам, ошонун баарынан сактансын.

14 Жүзүмдөн жасалган эч нерсени жебесин, шарап да, күчтүү ичимдик да ичпесин, таза эмес нерсе жебесин. Мен аялга буйругандын баарын сактасын».

15 Манойах Теңирдин периштесине: «Бир улак союп, сага тамак даярдагыча, кетпей тур», – деди.

16 Теңирдин периштеси Манойахка: «Мени токтотконуң менен, баары бир тамагыңды жебейм. Эгерде бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык чалгың келсе, анда аны Теңирге арнап чал», – деди. Манойах болсо анын Теңирдин периштеси экенин билген жок.

17 Манойах Теңирдин периштесине: «Атың ким? Айтканың аткарылганда, сени даңктайлы», – деди.

18 Теңирдин периштеси ага: «Менин атымды сурап эмне кыласың? Ал керемет!» – деди.

19 Манойах улак менен нан курмандыгын Теңирге арнап, таштын үстүндө курмандыкка чалды. Теңирдин периштеси керемет көрсөттү, аны Манойах менен аялы көрдү.

20 Курмандык чалынган таштын үстүндөгү оттун жалыны асманга көтөрүлө баштаганда, Теңирдин периштеси курмандык чалынуучу жайдын үстүндөгү жалын менен кошо асманга көтөрүлдү. Муну көргөндө, Манойах жана аялы жерге жүзтөмөндөп жыгылышты.

21 Теңирдин периштеси Манойахка жана анын аялына көрүнбөй калды. Ошондо Манойах анын Теңирдин периштеси экенин билди.

22 Анан Манойах аялына: «Биз Кудайды көрдүк, эми өлөбүз», – деди.

23 Аялы күйөөсүнө: «Эгерде Теңир бизди өлтүргүсү келсе, анда биздин колубуздан бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык менен нан курмандыгын кабыл алмак эмес, азыр бизге мунун баарын көрсөтүп, ачып бермек эмес», – деди.

24 Аялы уул төрөп, атын Шимшон койду. Наристе чоңоё берди. Теңир ага батасын берип жатты.

25 Сора менен Эштаулдун ортосундагы Дандын станында Теңирдин Руху ал аркылуу иштей баштады.

**14-БӨЛҮМ**

**Шимшон жана пелиштилик аял**

1 Шимшон Тимнатага барып, Тимнатадагы Пелишти кыздарынын ичинен бир кызды көрдү.

2 Ал келип, атасы менен энесине: «Мен Тимнатадагы Пелишти кыздарынын ичинен бир кызды көрдүм, мага ошол кызды алып бергиле», – деп кабарлады.

3 Атасы менен энеси ага: «Сүннөткө отургузулбаган пелиштиликтерден аял алганы барам дегидей, бир туугандарыңдын, бүткүл элимдин арасында кыз жок бекен?» – деди. Шимшон атасына: «Ошол кызды алып бер, мен аны жактырып калдым», – деди.

4 Атасы да, энеси да бул Теңирден экенин, ал пелиштиликтерден өч алуунун ыңгайлуу учурун издеп жатканын билишкен жок. Ошол учурда ысрайылдыктарга пелиштиликтер үстөмдүк кылып турган.

5 Анан Шимшон ата-энеси менен Тимнатага жөнөдү. Тимнатанын жүзүмзарларына жакын келишкенде, анын алдынан жаш арстан ырылдап чыкты.

6 Шимшондун үстүнө Теңирдин Руху түштү, колунда эч нерсе жок болсо да, ал арстанды улактай тытып салды. Ал эмне кылганын атасына да, энесине да айткан жок.

7 Анан ал пелиштилик кызга келип, аны менен сүйлөштү. Кыз Шимшонго жагып калды.

8 Аны алыш үчүн, бир нече күндөн кийин ал дагы келди. Өзү өлтүргөн арстанды көргөнү келип, өлүктүн ичинен аарынын уюгу менен балды көрдү.

9 Ал балдан алып, жол бою жеп жүрүп отурду. Келип, атасы менен энесине берди, алар да жешти, бирок аларга балды арстандын өлүгүнүн ичинен алганын айткан жок.

10 Атасы кыздын үйүнө келди. Үйлөнгөндөр той бергендей эле, Шимшон да той берди.

11 Ал жердегилер аны көргөндө, анын жанында болууга отуз күйөө жолдош тандашты.

12 Шимшон аларга: «Мен силерге бир табышмак айтайын. Эгерде силер анын жандырмагын той бүткөнчө, жети күндүн ичинде тапсаңар, туура тапсаңар, мен силерге жука матадан тигилген отуз көйнөк жана отуз сыйра кийим берем.

13 Эгерде табышмакты жандыра албасаңар, анда силер мага жука матадан тигилген отуз көйнөк, отуз сыйра кийим бергиле», – деди. Алар: «Табышмагыңды айт, угалы», – дешти.

14 Ал аларга: «Жегичтен тамак чыкты, күчтүүдөн таттуу чыкты», – деп айтты. Алар табышмакты үч күн бою жандыра алышкан жок.

15 Жетинчи күнү Шимшондун колуктусуна: «Күйөөңдү көндүр, табышмактын жообун айтсын, болбосо сени да, атаңдын үйүн да өрттөп жиберебиз. Силер, эмне, бизди тоногону чакырдыңар беле?» – дешти.

16 Аялы Шимшондун алдына келип ыйлап: «Сен мени жек көрөсүң, сүйбөйсүң. Менин элимдин уулдарына табышмак айттың, бирок мага жообун айткан жоксуң», – деди. Ал аялга: «Жандырмагын атама да, энеме да айткан эмесмин, анан сага айтмак белем?» – деди.

17 Той болуп жаткан күндөрү, жети күн бою аялы анын алдына келип ыйлай берди. Жанын койбой сурай бергендиктен, акыры, жетинчи күнү ал аялына табышмактын жандырмагын айтты. Аялы болсо табышмактын жандырмагын өз элинин уулдарына айтып койду.

18 Жетинчи күнү күн батар алдында жанагы кишилер келип, ага: «Балдан таттуу, арстандан күчтүү эмне бар?» – дешти. Шимшон аларга: «Эгерде менин кунаажыным менен кош айдабасаңар, табышмагымды таба алмак эмессиңер», – деди.

19 Анын үстүнө Теңирдин Руху түшүп, ал Ашкелонго жөнөдү. Ал жерден ал отуз кишини өлтүрүп, кийимдерин чечип алып, табышмактын жандырмагын тапкандарга отуз сыйра кийим берди. Ал абдан каарданып, атасынын үйүнө кетип калды.

20 Шимшондун аялы болсо аны жандап жүргөн күйөө жолдошуна тийди.

**15-БӨЛҮМ**

1 Бир нече күндөн кийин, оруу-жыюу убагында, Шимшон бир улак алып, аялын көргөнү келди. «Аялым жаткан бөлмөгө кирейин», – дегенде, аялдын атасы киргизбей койду.

2 Аялынын атасы: «Сени аялыңды жек көрүп калды деп ойлоп, мен аны күйөө жолдошуңа алып берип койдум. Мына, сиңдиси андан сулуу, анын ордуна сиңдисин ал», – деди.

3 Бирок Шимшон аларга: «Эми пелиштиликтерге жамандык кылсам, күнөөлүү болбойм», – деди.

4 Шимшон кетти да, үч жүз түлкү кармап алып, шаманаларды алып, куйрукка куйрукту байлап, ар бир эки куйруктун ортосуна бирден шамана байлап койду.

5 Анан шаманаларды күйгүзүп, түлкүлөрдү пелиштиликтердин эгинине коё берди. Боолонгон чөмөлөлөр да, орула элек эгиндер да, жүзүмзарлар да, зайтун бактар да өрттөнүп кетти.

6 Пелиштиликтер: «Муну ким кылды?» – дешти. «Тимнатанын күйөө баласы Шимшон кылды, анткени анын аялын атасы анын күйөө жолдошуна алып берип койгон», – дешти. Ошондо пелиштиликтер жабыла келип, атасын да, кызын да өрттөп жиберишти.

7 Шимшон аларга: «Ушундай кылганыңарга карабастан, мен силерден өч алам, ошондо гана жаным жай алат», – деди да,

8 алардын тизелери менен жамбаштарын талкалап, жөнөп кетти. Ал Эйтам аскасынын капчыгайына барып жатып алды.

**Шимшондун пелиштиликтерди жеңиши**

9 Пелиштиликтер келип, стандары менен Жүйүт жерине, Лехинин жанына жайланышышты.

10 Жүйүт жеринин тургундары: «Эмне үчүн бизге келдиңер?» – дешти. Алар: «Биз Шимшонду байлап кетели деп келдик, ал бизге кандай кылса, биз да ага ошондой кылабыз», – дешти.

11 Ошондо жүйүттөрдөн үч миң адам чыгып, Эйтам аскасынын капчыгайына барып, Шимшонго: «Бизге пелиштиликтер үстөмдүк кылып жатышканын сен билбейсиңби? Эмне үчүн мындай кылдың?» – дешти. Шимшон аларга: «Алар мага кандай кылса, мен да аларга ошондой кылдым», – деди.

12 Алар ага: «Биз сени байлап, пелиштиликтердин колуна салып берели деп келдик», – дешти. Шимшон аларга: «Өлтүрбөйбүз деп ант бергиле», – деди.

13 Алар ага: «Жок, өлтүрбөйбүз, биз сени байлап, алардын колуна салып беребиз», – дешти. Аны эки жаңы жип менен байлашты да, капчыгайдан алып чыгышты.

14 Ал Лехиге жакындаганда, пелиштиликтер кыйкырык менен тосуп алышты. Анын үстүнө Теңирдин Руху түштү. Ошондо анын колу байланган жиптер күйгөн зыгырдай болуп, үзүлүп түшүп калды.

15 Ал эшектин астынкы жаак сөөгүн таап алды. Аны менен миң кишини уруп өлтүрдү.

16 «Калың топту, эки топту эшектин жаак сөөгү менен өлтүрдүм, эшектин жаак сөөгү менен миң адамды өлтүрдүм», – деди Шимшон.

17 Ушуну айтып, жаак сөөктү ыргытты да, ал жерди Рамат-Лехи деп атады.

18 Ал аябай суусап, Теңирге жалынып: «Сен кулуңа ушул улуу жеңишти бердиң. Эми каным катып, сүннөткө отургузулбагандардын колуна түшүп өлөмбү?» – деди.

19 Ошондо Теңир Лехиден булак чыгарды. Ал суусунун кандырганда, күч-кубат алып, жанданып калды. Ошондон улам бул жер «Чакыргандын булагы» деп аталып калды, ал Лехиде ушул күнгө чейин бар.

20 Ал пелиштиликтердин убагында Ысрайылга жыйырма жыл башкаруучу болду.

## 16-БӨЛҮМ

**Шимшон Азада**

1 Бир күнү Шимшон Азага келип, ал жерден бир бузулган аялды көрүп, анын үстүнө кирди.

2 Азанын тургундарына: «Бул жерге Шимшон келди», – деп айтышты. Алар ал турган жерди тегеректеп, аны түнү бою шаардын дарбазасынын алдында аңдышты. «Таң атканга чейин күтүп, анан өлтүрөбүз», – деп, түнү бою жашынып жатышты.

3 Шимшон болсо түн жарымына чейин жатып, түн ортосунда туруп, дарбазаны кашектери менен кошо чыгарып, кулпусу менен көтөрүп жонуна салды да, Хебронго кетчү жолдогу тоонун чокусуна алып чыгып кетти.

**Шимшон менен Делила**

4 Ошондон кийин ал Сорек өрөөнүндө жашаган бир аялды сүйүп калды, анын аты Делила эле.

5 Аялга пелиштиликтердин төрөлөрү келип: «Аны көндүр, анын зор күчү эмнеде экенин, аны биз кантип жеңе ала турганыбызды астыртан бил, биз аны байлап, багынтып алалы. Бул кызматың үчүн ар бирибиз сага бир миң бир жүз шекелден күмүш берели», – дешти.

6 Делила Шимшондон: «Айтчы мага, сенин зор күчүң эмнеде, сени багынтыш үчүн, эмне менен байласа болот?» – деп сурады.

7 Шимшон ага: «Эгерде мени кургатылбаган жети жаанын жиби менен байласа, күчүм кетип, кадимки эле адамдардай болуп калам», – деди.

8 Пелиштиликтердин төрөлөрү аялга кургатылбаган жети жаанын жибин алып келип беришти. Аял жаанын жиби менен аны байлап салды.

9 (Ошол учурда аялдын уктоочу бөлмөсүндө пелиштиликтердин бири жашынып отурган). Аял ага: «Шимшон! Сага каршы пелиштиликтер келе жатышат!» – деди. Ошондо ал жаанын жиптерин үзүп жиберди, алар кендирдин бир жиби от тийгенде үзүлгөндөй үзүлдү. Ошентип, анын күчү эмнеде экени билинген жок.

10 Делила Шимшонго: «Сен мени алдап койгон турбайсыңбы, мага калп айткан турбайсыңбы. Айтчы, сени эмне менен байласа болот?» – деди.

11 Ал аялга: «Эгерде мени урунула элек жаңы жип менен байласа, күчүм кетип, кадимки эле адамдардай болуп калам», – деди.

12 Делила аны жаңы жип менен байлап: «Шимшон! Сага каршы пелиштиликтер келе жатышат! (Ошол учурда аялдын уктоочу бөлмөсүндө бирөө жашынып отурган)» – деди. Ал колдору байланган жипти чарык жипти үзгөндөй эле үзүп салды.

13 Ошондо Делила Шимшонго: «Мени алдап, дагы калп айтып койгон турбайсыңбы. Айтчы, сени эмне менен байласа болот?» – деди. Ал аялга: «Эгерде башымдагы жети өрүм чачымды кездеме кошуп өрүп, аны кездеме соккон аркакка мык менен кагып койсоң, күчүм кетип, кадимки эле адамдардай болуп калам», – деди.

14 Аял кездеме соккон аркакты жерге казык менен кагып: «Шимшон! Сага каршы пелиштиликтер келе жатышат!» – деди. Ал уйкусунан ойгонуп, казыкты, кездеме соккон аркакты кездемеси менен кошо сууруп алды.

15 Ошондо Делила ага: «Сен мага: “Сени сүйөм”, – деп, кантип айтып жатасың? Сенин жүрөгүң мени менен эмес турбайбы. Мени үч жолу алдадың, зор күчүң эмнеде экенин айткан жоксуң», – деди.

16 Аял күн сайын аны кыйнап, жанын койбой койгондуктан, ал абдан кыйналып, чыдай албай кетти.

17 Ошондо ал жүрөгүндөгүсүнүн баарын аялга ачып берди: «Менин башыма устара тийген эмес, анткени мен энемдин ичинде жаткандан тартып эле Кудайдын назиримин. Эгерде менин чачымды кырып салса, күчүм кетип, алдан тайып, кадимки эле адамдардай болуп калам».

18 Делила Шимшондун жүрөгүндөгүсүнүн баарын ачып бергенин көрүп, киши жөнөтүп, пелиштиликтердин төрөлөрүнө: «Эми келгиле, ал мага жүрөгүндөгүнүн баарын ачып берди», – деп айттырды. Пелиштиликтердин төрөлөрү күмүштөрүн колдоруна көтөрүп, аялга келишти.

19 Аял Шимшонду тизесине уктатып, бир кишини чакыртып, башындагы жети өрүм чачын кырдырды. Ошондо анын күчү кете баштады, акыры ал күчтөн ажырады.

20 Аял: «Шимшон, пелиштиликтер сага каршы келе жатышат!» – деди. Ал уйкусунан ойгонуп: «Мурдагыдай эле кутулуп кетем», – деп ойлоду. Ал Теңир таштап койгонун билген жок.

21 Пелиштиликтер аны кармап алып, көзүн оюп, Азага алып келишти да, эки жез чынжыр менен кишендеп салышты. Ал туткундар жаткан жайда тегирмен тартып жатты.

22 Ошол арада анын башындагы чачы өсө баштады.

**Шимшондун өлүмү**

23 Пелиштиликтердин төрөлөрү өз кудайы Дагонго чоң курмандык чалуу үчүн жана көңүл ачуу үчүн чогулушту. Алар: «Биздин кудайыбыз душманыбыз Шимшонду колубузга салып берди», – дешти.

24 Жалпы эл да Шимшонду көрүп, өз кудайын даңктап: «Жерибизди кыйраткан, көбүбүздү өлтүргөн душманыбызды кудайыбыз колубузга салып берди», – деди.

25 Көңүлдөрү ачылганда, алар: «Шимшонду алып келгиле, ал бизге тамаша койсун», – дешти. Шимшонду туткундар жаткан жайдан алдырып келишти. Ал аларга тамаша койду. Анан алар аны эки тирөөчтүн ортосуна коюшту.

26 Шимшон аны колунан жетелеп келген жаш жигитке: «Үйдү кармап турган тирөөчтөрдүн жанына алып барчы, сыйпалап көрүп, жөлөнүп турайын», – деди.

27 Үй толо эркек менен аял эле. Ал жерде пелиштиликтердин бардык төрөлөрү отурган, үйдүн төбөсүнө үч миңге жакын эркек-аял чогулуп, тамаша коюп жаткан Шимшонду карап турушкан.

28 Ошондо Шимшон Теңирге жалынып: «Кудай-Теңирим! Мени эсте, оо Кудайым, мага дагы бир жолу күч бере көр! Эки көзүмдүн куну үчүн пелиштиликтерден бир дем менен өч алайын!» – деди.

29 Анан үйдү кармап турган эки ортоңку тирөөчтүн бирине оң колу менен, бирине сол колу менен таянып турду да, аларды ордунан жылдырып жиберди.

30 Анан Шимшон: «Пелиштиликтер менен бирге өлөйүн!» – деди. Бардык күчү менен чиренип туруп түрттү эле, үй кулап, төрөлөрдү, андагы элдин баарын басып калды. Шимшон өлөр алдында өлтүргөн адамдардын саны анын буга чейин өлтүргөн адамдарынын санынан көп болду.

31 Бир туугандары менен атасынын бүт үй-бүлөсү келип, аны алып кетишти да, Сора менен Эштаулдун ортосундагы атасы Манойахтын мүрзөсүнө коюшту. Ал Ысрайылга жыйырма жыл башкаруучу болгон.

**17-БӨЛҮМ**

**Миханын буркандары**

1 Эпрайым тоосунда Миха деген бир адам болгон.

2 Ал энесине: «Сенин бир миң бир жүз шекел күмүшүңдү алып кетишкенде, сен менин көзүмчө каргыш айткансың. Ошол күмүш менде. Аны мен алгам», – деди. Энеси: «Уулумду Теңир жалгасын!» – деди.

3 Анан ал энесине бир миң бир жүз шекел күмүштү кайрып берди. Энеси: «Бул күмүштөрдү Теңирге арнадым. Мен буларды сага берем, сен булардан жасалма кудай, буркан жаса», – деди.

4 Бирок ал күмүштөрдү энесине кайра кайрып берди. Энеси эки жүз шекел күмүштү алып, күмүш эритүүчү устага берди. Ал андан жасалма кудай, буркан куйду, ал буркан Миханын үйүнө коюлду.

5 Миханын бутканасы бар эле. Ал эфод жана терафим жасатып, балдарынын бирин өзүнө ыйык кызмат кылуучу кылып алды.

6 Ошол убакта Ысрайылда падыша болгон эмес. Ар ким өзү туура көргөндү кылчу.

7 Ошол учурда ошол жерде бир леби жигит жашачу, ал Жүйүттүн Бейт-Лехеминен эле. Ал Жүйүт уруусунун арасында жашачу.

8 Ал жигит Жүйүттүн Бейт-Лехем шаарынан чыгып, ар кайсы жерде жашап жүрдү. Жер кезип жүрүп, Эпрайым тоосундагы Миханын үйүнө туш болду.

9 Ошондо Миха андан: «Кайдан келе жатасың?» – деп сурады. Ал ага: «Мен лебимин, Жүйүттүн Бейт-Лехеминен келе жатам, жашаганга жер издеп жүрөм», – деди.

10 Миха ага: «Меникинде кал, мага ата жана ыйык кызмат кылуучу бол. Мен сага жылына он күмүш шекел төлөп турам, кийген кийимиң, ичкен тамагың менден болот», – деди.

11 Леби ал кишиникинде калууга макул болду. Ал ага уулдарынын бириндей эле болуп калды.

12 Миха лебини ыйык кызмат кылуучу кылып дайындады. Ал жигит анын ыйык кызмат кылуучусу болуп, анын үйүндө жашап калды.

13 Ошондо Миха: «Эми Теңир мага жакшылык кыларын билем, анткени менин ыйык кызмат кылуучум леби болду», – деди.

**18-БӨЛҮМ**

**Миха жана Дан уруусу**

1 Ошол убакта Ысрайылда падыша болгон эмес. Ошол убакта Дан уруусу отурукташууга жер издеп жүргөн, анткени ошол күнгө чейин Ысрайыл урууларынын ичинен аларга үлүш тие элек эле.

2 Жер чалып, жерди көрүп келиш үчүн, Дан уулдары өз уруусунан, Сора менен Эштаулдан беш эр жүрөк кишини: «Баргыла, жер чалып келгиле», – деп жиберишти. Алар Эпрайым тоосундагы Миханын үйүнө келип, түнөп калышты.

3 Миханын үйүнүн жанында жүргөн алар жаш лебинин үнүн таанып, үйгө кирип: «Сени бул жерге ким алып келди? Бул жерде эмне кылып жатасың, эмне үчүн бул жерде жүрөсүң?» – деп сурашты.

4 Ал аларга: «Миха мага муну-тигини кылды, мени жалдады, мен анын ыйык кызмат кылуучусу болуп калдым», – деп жооп берди.

5 Алар ага: «Биз алган багытта жолубуз болобу, Кудайдан сурачы, билип алалы», – дешти.

6 Ыйык кызмат кылуучу аларга: «Тынчтык менен бара бергиле, силер бара жаткан жол Теңирдин алдында», – деди.

7 Ал беш киши жүрүп отуруп, Лаишке келди. Ал жерден сидондуктарга окшоп тынч, бейкапар, эч нерседен кам санабай жашап жаткан элди көрдү. Ал жерде ыза кылып кордоо деген, үстөмдүк кылуу деген жок эле. Алар сидондуктардан алыс жашап, эч ким менен эч кандай иштери жок эле.

8 Анан алар Сора менен Эштаулга, өз бир туугандарына кайтып келишти. Бир туугандары алардан: «Кандай кабар менен келдиңер?» – деп сурашты.

9 Алар: «Биз ал жерди көрдүк, ал укмуштай сонун жер экен. Жүргүлө, ал жерди басып алалы. Ойлонуп турбагыла, тезирээк баралы да, ал жерди энчибизге алалы.

10 Барганда, эч нерседен кам санабай жаткан элди көрөсүңөр. Ал жер өтө кенен, аны Кудай колуңарга берип жатат. Ал жер эч нерседен кем эмес жер экен», – дешти.

11 Ошондо Дан уруусунан алты жүз эркек курал-жарак асынып, Сора менен Эштаулдан жөнөп кетти.

12 Алар Жүйүт жериндеги Кирийат-Жейаримге жетип, станы менен туруп калышты. Ошондуктан Кирийат-Жейаримдин батыш тарабындагы ал жерди бүгүнкү күнгө чейин «Дан станы турган жер» деп аташат.

13 Ал жерден алар Эпрайым тоосуна бет алып, Миханын үйүнө келишти.

14 Лаиш жерин көрүүгө барган жанагы беш киши өз бир туугандарына: «Бул үйлөрдүн биринде эфод, терафим, жасалма кудай жана куюлуп жасалган буркан бар экенин билесиңерби? Демек, эмне кылуу керек экендигин ойлонгула», – дешти.

15 Алар жаш лебинин үйүнө, Миханын үйүнө киришип, анын ал-жайын сурашты.

16 Ал эми Дан уулдарынын курал-жарак асынган алты жүз кишиси дарбазанын жанында турду.

17 Жер чалганы барган беш киши үйгө кирип, жасалма кудайды, эфодду, терафимди, куюлуп жасалган бурканды тартып алды. Ыйык кызмат кылуучу курал-жаракчан алты жүз киши менен дарбазанын жанында турган.

18 Алар Миханын үйүнө кирип, жасалма кудайды, эфодду, терафимди жана куюлуп жасалган бурканды алып жатышканда, ыйык кызмат кылуучу алардан: «Эмне кылып жатасыңар?» – деп сурады.

19 Алар ага: «Үнүңдү чыгарбай, колуң менен оозуңду басып, биз менен жүр. Бизге ата жана ыйык кызмат кылуучу бол. Бир кишинин үйүндө ыйык кызмат кылуучу болгонуң жакшыбы же бүт Ысрайыл урууларына ыйык кызмат кылуучу болгонуң жакшыбы?» – дешти.

20 Ыйык кызмат кылуучу кубанып, эфодду, терафимди жана бурканды алып, алар менен жөнөдү.

21 Алар жолго чыгышты, аялдар менен балдарды, малды, оор жүктөрдү алдыга коё беришти.

22 Алар Михандын үйүнөн узап кетишкенден кийин, Михандын кошуналары чогулуп, Дан уулдарынын артынан түшүштү.

23 Алар Дан уулдарына кыйкырышты. Дан уулдары кайрылып, Михага: «Сага эмне керек, эмне кыйкырасың?» – дешти.

24 Миха аларга: «Жасаткан кудайларымды да, ыйык кызмат кылуучумду да алып кеттиңер. Мага эч нерсе калтырган жоксуңар! “Сага эмне керек?” – деп, кантип айтып жатасыңар?» – деди.

25 Дан уулдары ага: «Унчукпа, үнүңдү укпайлы, болбосо арабыздагы кээ бирөөлөр ачууланып, силерге кол салышат. Өзүңдү да, үй-бүлөңдү да мерт кылып аласың», – дешти.

26 Дан уулдары өз жолдору менен кете беришти. Миха алардын күчтүү экенин көрүп, артына кайрылып үйүнө келди.

27 Дан уулдары болсо Миха жасагандарды жана анын ыйык кызмат кылуучусун алып кетишти. Алар Лаиште бейкапар, тынч жашаган элге каршы барып, аларды кылыч мизине алып, шаарына от коюп, өрттөп жиберишти.

28 Жардам берер эч ким болгон жок, анткени алар Сидондон алыс жашашчу, эч ким менен иштери жок болчу. Бул шаар Бейт-Рекоптун жанындагы өрөөндө жайгашкан. Дан уулдары шаарды кайра куруп, ошол шаарга отурукташышты.

29 Шаарга Ысрайыл уулу Дан уруусунун атасынын атынан «Дан» деген ат коюшту. Шаардын мурдагы аты Лаиш болчу.

30 Дан уулдары өздөрүнө бурканды коюп алышты. Ал жерде жашоочулар туткундалып кеткенге чейин, Менашенин уулу Гейиршомдун уулу Жонатан жана анын уулдары Дан уруусуна ыйык кызмат кылуучу болушту.

31 Кудайдын жыйын чатыры Шилодо турган убакыт аралыгында алар Миха жасаган ошол бурканга табынышкан.

**19-БӨЛҮМ**

**Леби жана анын күң аялы**

1 Ошол убакта Ысрайылда падыша болгон эмес. Ошол убакта Эпрайым тоосунун этегинде бир леби жашачу. Ал Жүйүт жеринин Бейт-Лехеминен күң аял алды.

2 Күң аял аны менен чатакташып, Жүйүт жеринин Бейт-Лехеминдеги өз атасынын үйүнө кетип калып, төрт ай ошол жерде болду.

3 Күйөөсү кулун жана эки эшегин алды да, көңүлүн таап сүйлөшүп, кайра алып келиш үчүн, аялынын артынан барды. Аял аны өз атасынын үйүнө алып кирди.

4 Жаш аялдын атасы аны көргөндө, кубаныч менен тосуп алды. Кайын атасы, жаш аялдын атасы, аны кетирбей алып калды. Ал аныкында үч күн болду. Алар ичип-жеп, ошол жерде түнөп калышты.

5 Төртүнчү күнү алар эртең менен эрте турушту, ал туруп, жөнөмөкчү болду. Жаш аялдын атасы күйөө баласына: «Бир кесим нан жеп, кубаттанып ал, анан жөнөйсүңөр», – деди.

6 Алар калып калышты. Экөө дагы ичип-жешти. Жаш аялдын атасы ага: «Дагы бир түнгө калып, көңүлүңдү ач», – деди.

7 Ал туруп, жөнөмөкчү болгондо, кайын атасы сурангандыктан, аныкында дагы түнөп калды.

8 Бешинчи күнү ал эртең менен эрте туруп, кетмей болду. Жаш аялдын атасы: «Нан жеп кубаттанып ал, күн батканча коё тургула», – деди. Экөө дагы ичип-жешти.

9 Ал киши аялы, кулу менен кетүүгө камынып, ордунан турду. Кайын атасы, жаш аялдын атасы, ага дагы: «Күн кечтеп кетти, конуп алгыла! Күн батканы калды, түнөп кет, көңүл ач. Эртең эртерээк туруп, жолго чыккыла», – деди.

10 Бирок күйөө баласы түнөөгө макул болбой, жолго чыгып, Жебуска, азыркы Иерусалимге келди. Ал жүк артылган эки эшеги, аялы менен келди.

11 Алар Жебуска жеткени калганда, күн батып калган эле. Ошондо малайы мырзасына: «Жебустуктардын ушул шаарына кирип түнөп кетели», – деди.

12 Мырзасы малайына: «Жок, башка уруунун шаарына кирбейбиз, алар Ысрайылдын урууларынан эмес, Гибага жетели», – деди.

13 Анан кулуна: «Гибага же Рамага жетип конобуз», – деди.

14 Алар Бенжеминдин Гиба шаарына жетишкенде, күн батты.

15 Алар Гибага түнөп алыш үчүн, ошол тарапка бурулушту. Ал шаарга кирип, көчөгө отурду, бирок эч ким үйүнө түнөп кетүүгө чакырган жок.

16 Кечинде бир абышка талаа жумушунан үйүнө кайтып келе жаткан. Ал Эпрайым тоосунан эле, бирок Гибада жашачу. Гибанын тургундары Бенжемин уулдарынан болчу.

17 Абышка башын көтөрүп, шаардын көчөсүндө келаткан жолоочуну көрүп: «Кайда баратасың? Кайдан келдиң?» – деп сурады.

18 Ал абышкага: «Биз Жүйүттүн Бейт-Лехеминен келе жатабыз, азыр өз жериме, Эпрайым тоосуна баратабыз. Жүйүттүн Бейт-Лехемине баргам, азыр Теңир үйүнө баратам. Эч ким үйүнө түнөп кетүүгө чакырган жок.

19 Эшектерибиздин саманы да, жеми да бар. Ошондой эле кулдарыңдын: менин, күңүңдүн, кулумдун жээр наны, ичээр шарабы да бар. Эч нерседен кем эмеспиз», – деп жооп берди.

20 Абышка ага: «Кам санаба! Сенин кем-карчың менин мойнумда болсун. Көчөгө түнөбөсөң эле болду», – деди.

21 Анан ал аны өз үйүнө алып келип, эшектерине жем берип, жайланыштырды. Алар буттарын жуушту, ичип-жешти.

22 Алар көңүл ачып жатканда, шаардагы бузулган адамдар үйдү курчап алышып, эшикти каккылап, үйдүн ээсине, абышкага: «Үйүңө кирген адамды сыртка чыгар, биз ага жакындайбыз», – дешти.

23 Үйдүн ээси сыртка чыгып, аларга мындай деди: «Жок, туугандарым, жамандык кылбагыла. Бул адам – менин үйүмө келген конок, мындай жийиркеничтүү ишке барбагыла.

24 Үйүмдө бойго жеткен кызым бар, мунун күң аялы бар. Аларды алып чыгайын, аларга эмне кылгыңар келсе, ошону кылгыла, бирок бул кишиге мындай кылбагыла, мындай жийиркеничтүү ишке барбагыла».

25 Бирок алар аны уккусу келишкен жок. Ошондо күйөөсү күң аялын жетелеп, көчөгө чыгарып берди. Алар аны зордуктап, түнү бою, таң аткыча кордоп чыгышты. Аны жерге жарык киргенде коё беришти.

26 Аял таң атарда келип, мырзасы түнөгөн үйдүн эшигине жетип жыгылып, таң аткыча жатты.

27 Мырзасы эртең менен туруп, эшикти ачып, жолго чыгыш үчүн сыртка чыкты. Күң аялы болсо босогону кучактап, эшиктин алдында жатыптыр.

28 Ал аялына: «Тур, жөнөйлү», – деди. Бирок жооп болгон жок, себеби ал өлүп калган эле. Ал ордунан туруп, аялды эшекке артып, өз үйүнө жөнөдү.

29 Ал өз үйүнө келип, бычак алып, күң аялын кескилеп, он эки мүчөгө бөлдү да, Ысрайылдын бардык жерине жөнөттү.

30 Көргөндөрдүн баары: «Ысрайыл уулдары Мисирден чыккан күндөн бүгүнкү күнгө чейин мындай болгон эмес, мындайды көргөн да эмеспиз. Буга көңүл бургула, акылдашып көрүп, анан айткыла», – дешти.

**20-БӨЛҮМ**

**Элдин Бенжемин уруусун жазалоо тууралуу чечими**

1 Дандан Бейер-Шебага чейинки аймактарда жана Гилат жеринде жашаган Ысрайылдын бардык уулдары, бүт жамаат Теңирдин алдына, Миспага бир кишидей чогулушту.

2 Бардык эл башчылары, Ысрайылдын бардык уруулары, кылычын кынынан сууруган төрт жүз миң жөө аскер Кудайдын элинин чогулушуна келишти.

3 Бенжемин уулдары Ысрайыл уулдарынын Миспага келгенин угушту. Ысрайыл уулдары: «Айткыла, бул жаман иш кандайча болду?» – деп сурашты.

4 Өлгөн аялдын күйөөсү, леби мындай деп жооп берди: «Мен күң аялым менен Бенжеминдин Гиба шаарына түнөгөнү келген элем.

5 Ошондо Гибанын тургундары мага каршы көтөрүлүп, мен түнөгөн үйдү түн ичинде курчап калышты. Алар мени өлтүргүсү келишкен эле. Алар менин күң аялымды кордошту, ал өлүп калды.

6 Мен күң аялымды алып барып, кескилеп, Ысрайылга караштуу бардык дубандарга жөнөттүм. Анткени алар Ысрайылда мыйзамсыз, жийиркеничтүү иш кылышты.

7 Ысрайыл уулдары, бардыгыңар ушул жерде турасыңар, бул ишти талдап, ушул жерде чечкиле».

8 Ошондо бүт эл бир кишидей мындай деди: «Эч кимибиз өз чатырларыбызга барбайбыз, өз үйлөрүбүзгө кайтпайбыз.

9 Гиба үчүн өкчөмө таш ыргытабыз.

10 Ысрайылдын ар бир уруусунан: жүз кишиден он, миңден жүз, түмөндөн миң кишини чыгарып жөнөтөбүз. Алар Бенжеминдин Гибасын Ысрайылда кылган жийиркеничтүү иши үчүн жазалаганы бара турган элге азык алып барышат».

11 Ошондо бардык ысрайылдыктар бул шаарга каршы бир кишидей топтолушту да,

12 Бенжемин уруусуна чабармандарды жөнөтүп, мындай деп айттырышты: «Кандай жийиркеничтүү иш кылгансыңар!

13 Гибадагы бузулган адамдарды чыгарып бергиле, биз аларды өлтүрүп, Ысрайылдагы жамандыкты түп-тамыры менен жок кылабыз». Бирок Бенжемин уулдары бир туугандарынын, Ысрайыл уулдарынын, үнүн уккулары келген жок.

14 Анан Бенжемин уулдары Ысрайыл уулдары менен согушуу үчүн, өздөрү жашаган шаарлардан чыгып, Гибага топтолушту.

15 Ошол күнү өздөрү жашаган шаарлардан чыгып, Гибага чогулуп, кылычын кынынан сууруган Бенжемин уулдары жыйырма алты миң киши болду. Булардан тышкары, Гибанын өзүнөн жети жүз тандалган жоокер эсепке кирди.

16 Бул элдин ичинен тандалган жети жүз киши сологой болгон. Алар салмоордон таш ыргытканда таамай тийгизген жоокерлер болчу.

17 Бенжемин уулдарын кошпогондо, ысрайылдыктардын кылычын кынынан сууруган жоокерлеринин саны төрт жүз миң болчу. Мунун баары согушка жөндөмдүү адамдар эле.

**Бенжеминге каршы согуш**

18 Алар туруп, Бейтелге барышты. Ысрайыл уулдары Кудайдан: «Бенжемин уулдарына каршы согушту биздин арабыздан биринчи ким башташы керек?» – деп сурашты. Теңир аларга: «Жүйүт баштайт», – деди.

19 Ысрайыл уулдары эрте туруп, стандары менен Гибанын жанына жайгашышты.

20 Бенжемин уулдары менен согушуу үчүн, Ысрайыл уулдары тизилип, Гибанын алдында турушту.

21 Бенжемин уулдары Гибадан чыгышты. Алар ошол күнкү салгылашта жыйырма эки миң ысрайылдыкты сулатышты.

22 Бирок Ысрайыл эли кайраттанып, кечээги турган жерине кайра тизилип турду.

23 Ысрайыл уулдары кечке чейин Теңирдин алдында ыйлап, Кудайдан: «Бир туугандарыбыз Бенжемин уулдарына каршы барсак болобу?» – деп сурашты. Теңир аларга: «Баргыла», – деди.

24 Экинчи күнү Ысрайыл уулдары Бенжемин уулдарына жакындап барышты.

25 Бенжемин уулдары аларга каршы экинчи күнү да жапырт чыгып, кылыч көтөргөн Ысрайыл уулдарынан дагы он сегиз миң адамды жерге сулатышты.

26 Ошондо бүт Ысрайыл уулдары менен бүт эл Бейтелге келип, ошол жерде отуруп алып, Теңирдин алдында ыйлашты, кечке чейин орозо кармашты. Теңирге арнап бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктарды, тынчтык курмандыктарын чалышты.

27 Анан Ысрайыл уулдары Теңирдин эркин сурашты (ошол учурда Кудайдын келишим сандыгы ошол жерде эле,

28 Арундун уулу, Элазардын уулу Пинкас анын алдында кызмат кылчу). Алар: «Бир туугандарыбыз Бенжемин уулдарына каршы барсак болобу?» – деп сурашты. Теңир аларга: «Баргыла, эртең Мен аларды силердин колуңарга салып берем», – деди.

29 Ысрайылдыктар Гибанын тегерегине буктурма коюшту.

30 Ысрайыл уулдары Бенжемин уулдарына каршы үчүнчү күнү да бет алышты. Алар мурдагыдай эле Гибанын алдында тизилип турушту.

31 Бенжемин уулдары шаардан чыгып, аларга каршы бет алышты. Аларды мурдагыдай эле Бейтелге кетчү жолдо жана талаа менен Гибага кетчү жолдо кырып салышты. Ысрайылдыктардан отузга жакын адам өлдү.

32 Ошондо Бенжемин уулдары: «Алар мурдагыдай эле алдыбызда сулап жатышат», – дешти. Ысрайыл уулдары болсо: «Булардан качалы да, шаарынан алыстатып, алагды кылып, жолго алып чыгалы», – дешти.

33 Бардык ысрайылдыктар орундарынан туруп, Баал-Тамарга тизилишти. Ошондо буктурмадагы ысрайылдыктар чыга калып, Гибанын батыш тарабынан кол салышты.

34 Ысрайылдын тандалган он миң жоокери Гибанын алдына келди, ошондо катуу салгылаш болду. Бенжемин уулдары баштарына мүшкүл түшөрүн билишкен жок.

35 Теңир Бенжемин уулдарын ысрайылдыктардын алдында талкалады. Ошол күнү ысрайылдыктар кылычын кынынан сууруган Бенжемин уулдарынан жыйырма беш миң бир жүз адамды сулатышты.

**Бенжемин уулдарынын жеңилиши**

36 Бенжемин уулдары өздөрүнүн жеңилип калганын көрүштү. Ысрайылдыктар аларга жол бошотуп беришти, анткени алар Гибадагы өздөрү койгон буктурмага ишеништи.

37 Буктурмадагылар болсо Гибага шашылыш кирип, бүт шаарды кылычтап кырды.

38 Шарттуу белги беребиз деп, ысрайылдыктар буктурмада жаткандар менен сүйлөшүп алышкан, шаардан түтүн көтөрүлгөндө, алар кол салышмак.

39 Ошентип, ысрайылдыктар согуш талаасынан чегине бергенде, Бенжемин уулдары кол салып, ысрайылдыктардын отузга жакын адамын өлтүрүштү да: «Булар мурдагы салгылаштардагыдай эле алдыбызда сулап жатышат», – дешти.

40 Ошол учурда шаардан түтүн көтөрүлдү. Бенжемин уулдары артын карашса, бүт шаарды түтүн каптап, түтүн асманга көтөрүлүп жатыптыр.

41 Ысрайылдыктар кайра артка кайрылышты, Бенжемин уулдары эмне кыларын билбей калышты, анткени баштарына мүшкүл түшкөнүн көрүштү.

42 Ошондо алар ысрайылдыктардан качып, чөлгө карай кеткен жолго түшүштү, бирок качып кутула алышкан жок, шаарлардан чыккан ысрайылдыктар аларды өлтүрүштү.

43 Алар Бенжемин уулдарын курчап, Гибанын чыгыш тарабындагы Менухага чейин кууп барышты.

44 Бенжемин уулдарынын он сегиз миң эр жүрөк адамы өлдү.

45 Калгандары чөлдөгү Римон аскасына качышты. Ысрайылдыктар жол бою дагы беш миң адамды кырышты. Алардын артынан Гидомго чейин кууп барып, алардын эки миң адамын өлтүрүштү.

46 Бенжемин уулдарынан ошол күнү бардыгы болуп кылычын кынынан суурган жыйырма беш миң жоокер кырылды, алардын бардыгы эр жүрөк адамдар эле.

47 Аман калган алты жүз адам чөлгө качып, Римон аскасына жашынды. Алар таштуу Римон тоосуна төрт ай корголошту.

48 Ысрайылдыктар болсо Бенжемин уулдарына кайра кайрылып келишип, кылычтап кырышты да, шаардагы адам дебей, мал дебей, жолунан чыккандын бардыгын кырып, шаарларды өрттөп жиберишти.

**21-БӨЛҮМ**

**Бенжемин уруусунун кийинки тагдыры**

1 Ысрайылдыктар Миспада: «Эч кимибиз Бенжемин уулдарына кыз бербейбиз», – деп ант беришти.

2 Эл Бейтелге келип, ошол жерде кечке чейин Кудайдын алдында отуруп алып, өкүрүп ыйлады.

3 Алар мындай дешти: «Оо ысрайылдыктардын Кудай-Теңири! Эмне үчүн Ысрайылда ушундай болду? Эми анын бир уруусу жок болду!»

4 Эл эртеси эртең менен эрте туруп, ошол жерге курмандык чалынуучу жай куруп, Теңирге арнап бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктарды, тынчтык курмандыктарын чалды.

5 Ысрайыл уулдары: «Теңирдин алдына Ысрайыл урууларынын ичинен ким келбей калды?» – дешти. Анткени «Миспага, Теңирдин алдына келбей калган адам өлүм жазасына тартылат» деген катуу каргыш айтылган эле.

6 Ысрайыл уулдары бир туугандары Бенжемин уулдарына боор ооруп, мындай дешти: «Азыр Ысрайылдын бир уруусу кесилип ташталды.

7 Тирүү калгандарга кайдан аял алып беребиз? Аларга кыз бербейбиз деп, Теңирдин алдында ант бербедик беле?»

8 Алар дагы: «Миспага, Теңирдин алдына Ысрайыл урууларынын ичинен ким келбей калды?» – дешти. Теңирдин алдына, станга Гилаттын Жабешинен эч ким келбептир.

9 Алар келген элди кыдырып көрүшкөндө, Гилаттын Жабешинин тургундарынан эч ким келбептир.

10 Жамаат он эки миң эр жүрөк жигитке мындай буйрук берип жөнөттү: «Баргыла, Гилаттын Жабешинин тургундарын аял дебей, бала дебей, кылычтап кыргыла.

11 Дагы мындай кылгыла: бардык эркектерин, эркек көргөн бардык аялдарын кырып салгыла».

12 Ошондо алар Гилаттын Жабешинин тургундарынын ичинен эркек көрө элек төрт жүз кызды таап, Канаан жериндеги Шило станына алып келишти.

13 Анан бүт жамаат Римон аскасындагы Бенжемин уулдары менен сүйлөшүүгө чабарман жөнөтүп, аларга тынчтык жарыялады.

14 Ошондо Бенжемин уулдары кайрылып келишти. Гилаттын Жабешиндеги өздөрү аман калтырган кыздарды аларга аялдыкка беришти, бирок бул жетишсиз болуп калды.

15 Теңир Ысрайыл урууларына жарака кетиргендиктен, Бенжемин уулдарына элдин боору ооруду.

16 Жамааттын аксакалдары: «Калгандарына аялды кайдан табабыз? Анткени Бенжемин уулдарынын кыз-келиндери түгөл кырылган», – дешти.

17 Алар дагы мындай дешти: «Ысрайылдын бир уруусу жоюлуп кетпеш үчүн, мураска калган жер тирүү калган Бенжемин уулдарына калсын.

18 Бирок кыздарыбызды аларга аялдыкка бере албайбыз, анткени Ысрайыл уулдары: "Бенжемин уулдарына кыз бергендер каргышка калсын!" – деп ант беришкен».

19 Алар дагы: «Бейтелден түндүккө жана Бейтелден Шекемге кетүүчү жолдон чыгышка, Лебондон түштүккө карай кеткен жердеги Шилодо Теңирдин жыл сайын өткөрүлүүчү майрамы болот», – дешти.

20 Анан алар Бенжемин уулдарына мындай деп буйрук кылышты: «Барып, жүзүмзардын арасына жашынып, карап тургула.

21 Шилолук кыздар бийлегени чыгышканда, жүзүмзардан чыга калгыла да, шилолук кыздардан ар кимиң бирден кызды ала качып, аларды Бенжемин жерине алып кеткиле.

22 Алардын аталары же бир туугандары бизге даттанып келишсе: "Алар үчүн бизди кечирип койгула, биз алардын ар бирине согуштан аял ала келген жокпуз, силер да аларга кыздарыңарды берген жоксуңар. Берсеңер, күнөөлүү болуп калмаксыңар", – деп айтабыз».

23 Бенжемин уулдары так ошондой кылышты, өздөрүнүн санына жараша оюн-шоокко келген кыздардан бирден ала качышты да, өздөрүнүн үлүшүнө тийген жерлерге кайтып кетишти. Шаарларды калыбына келтирип, ошол жерлерде жашап калышты.

24 Ошол эле учурда ысрайылдыктардын ар кимиси өз уруусуна, өз үй-бүлөсүнө, өз энчисине тийген жерлерге тарап кетишти.

25 Ошол убакта Ысрайылда падыша болгон эмес. Ар ким өзү туура көргөндү кылчу.

**РУТ**

**1-БӨЛҮМ**

**Элимелектин үй-бүлөсүнүн Маапка көчүп кетиши**

1 Башкаруучулар башкарып турган күндөрү Жүйүт аймагында ачарчылык болду. Жүйүт аймагынын Бейт-Лехем шаарынан бир киши аялы, эки уулу менен Маап талааларына жашаганы кетти.

2 Ал кишинин ысымы Элимелек, аялынын ысымы Наами, ал эми эки уулунун ысымдары Махлон жана Килийон эле. Алар Жүйүт жеринин Бейт-Лехеминен чыккан эфраталыктар эле. Алар Маап талааларына келип, ошол жерде калышты.

3 Нааминин күйөөсү Элимелек көз жумуп, Наами эки уулу менен калды.

4 Алар Маап кыздарынан аял алышты. Биринин ысымы Орпа, экинчисинин ысымы Рут эле. Алар ошол жерде он жылга жакын жашашты.

5 Бирок анын эки уулу тең: Махлон да, Килийон да көз жумду. Ал аял эки уулу менен күйөөсүнөн ажырап, жалгыз калды.

**Наами менен Руттун кайтып келиши**

6 Ошондо ал келиндери менен Маап талааларынан чыгып, кайра өз жерине жөнөдү, анткени Маап талааларында жашап турганда, Кудай Өз элине келгенин, аларга нан бергенин укту.

7 Ал жашап турган жеринен чыкты, аны менен кошо эки келини да жөнөдү. Жүйүт жерине кайтып бара жаткан жолдо Наами эки келинине:

8 «Баргыла, ар бириңер өз энеңердин үйүнө кайткыла. Маркумдарга жана мага кылганыңарга жараша Теңир силерге ырайым кылсын!

9 Теңир батасын берип, экөөң тең күйөөгө чыгып, баш паана тапкыла!» – деди. Анан аларды өптү, бирок алар буркурап ыйлап:

10 «Жок, биз сени менен кошо сенин элиңе кайтабыз», – дешти.

11 Наами болсо мындай деди: «Кайткыла, кыздарым. Мени менен барып эмне кыласыңар? Менин ичимде силерге күйөө боло турган балдарым бар бекен?

12 Кайткыла, кыздарым, баргыла. Мен эми күйөөгө тийгидей, жаш эмесмин. Эгерде мен: “Менден дагы эле үмүттөнсөңөр болот”, – десем да, атүгүл, ушул түнү күйөөм менен болуп, уулдуу болсом да,

13 алар чоңойгуча күтүп жүрмөк белеңер? Күйөөгө чыкпай жүрө бермек белеңер? Жок, кыздарым, силерди ойлоп, аябай капаланып жатам, анткени Теңирдин колу мага каршы көтөрүлдү».

14 Алар кайрадан буркурап ыйлай башташты. Ошондо Орпа кайын энеси менен коштошту, Рут болсо аны менен калды.

15 Наами Рутка: «Мына, келиниң өз элине, өз кудайларына кайтты. Келиниңдин артынан сен да кайт», – деди.

16 Бирок Рут: «Сени таштап, кайтып кетүүгө мени мажбурлаба. Сен кайда барсаң, мен да ошол жакка барам; сен кайсы жерде жашасаң, мен да ошол жерде жашайм. Сенин элиң менин элим, сенин Кудайың менин Кудайым болот.

17 Сен кайсы жерде өлсөң, мен да ошол жерде өлөм, сөөгүм ошол жерге коюлат. Теңир мени жазаласын, катуу жазаласын. Мени сенден өлүм гана ажыратат», – деди.

18 Наами Руттун өзү менен бирге кетүүнү бекем чечкенин көрүп, көндүргөнүн токтотту.

19 Ошентип, экөө Бейт-Лехемге чогуу келишти. Алар Бейт-Лехемге келгенде, бүт шаар кыймылга келип: «Бул Наамиби?» – дешти.

20 Наами аларга: «Мени Наами деп чакырбагыла, мени Мара деп чакыргыла, анткени Бардыгын Кармап Турууучу мени оор кайгыга салды.

21 Мен бул жактан түгөл кеткем, бирок Теңир мени куру кол кайтарды. Теңир мени айыптаган соң, Бардыгын Кармап Турууучу башымды кайгыга салган соң, мени Наами деп чакыруунун эмне кереги бар?» – деди.

22 Ошентип, Наами кайтып келди. Аны менен кошо Маап талааларынан келген мааптык келини Рут кайтып келди. Алар Бейт-Лехемге арпа орула баштаганда келишти.

**2-БӨЛҮМ**

**Рут Бууздун талаасында**

1 Нааминин күйөөсү Элимелектин Бууз деген уруулаш тууганы бар эле, ал атактуу адам болчу.

2 Мааптык Рут Наамиге: «Мен талаага барайын, кимден ырайым тапсам, ошонун артынан машак терейин», – деди. Наами ага: «Бара кой, кызым», – деди.

3 Рут талаага келип, орокчулардын артынан машак терип жүрдү. Ал талаа Элимелектин уруулаш тууганы Буузга таандык эле.

4 Ошол учурда Бууз Бейт-Лехемден келип, орокчуларга: «Теңир силер менен болсун!» – деди. Алар ага: «Теңир сага батасын берсин!» – дешти.

5 Анан Бууз орокчуларынын башында турган кызматчыдан: «Бул жаш келин кимдин аялы?» – деп сурады.

6 Орокчулардын башында турган кызматчы мындай деп жооп берди: «Бул жаш келин – Маап талааларынан Наами менен кошо келген мааптык аял.

7 Ал мага: “Мен орокчулардын артынан, боолорду аралап машак терип алайын”, – деп, эртең мененден бери ушул жерде жүрөт. Ал үйүндө аз болот».

8 Ошондо Бууз Рутка: «Кулак салчы, кызым, сен башка талаага машак тергени барба, бул жерден кетпе, ушул жерде менин кызматчы аялдарым менен бирге бол.

9 Алар оргон талаадан ор, алардын артынан калба. Кызматчыларыма сага тийбөөнү буйрук кылдым. Суу ичкиң келсе, барып, кызматчыларым сузуп алып ичкен идиштерден ич», – деди.

10 Рут жүзтөмөндөп жыгылып, жерге чейин ийилип таазим кылды да, ага: «Жат жерлик болгонума карабастан, мени кабыл алгыдай, мен сенин алдыңда эмнем менен ырайым таптым?» – деди.

11 Бууз мындай деп жооп берди: «Мага бардыгын айтышты, күйөөң өлгөндөн кийин кайын энең үчүн эмне кылганыңды, өз атаңды, өз энеңди, ата мекениңди таштап, мурун билбеген, чоочун элге келгениңди уктум.

12 Бул ишиң үчүн Теңир сага тиешеңди берсин, Ысрайылдын Кудайынан сага толук сыйлык берилсин, анткени сен Анын канатынын астынан тынчтык табуу үчүн келдиң!»

13 Ошондо Рут ага: «Сенин алдыңда ырайым тапсам экен, мырзам! Күңдөрүңдүн ичинен бир күңүңдүн кунуна татыбасам да, жүрөгүмө жаккан сөздөрдү айтып, көңүлүмдү көтөрүп койдуң», – деди.

14 Бууз түшкү тамак убагында Рутка: «Бери келип нан же, наныңды суусундукка малып же», – деди. Ал орокчулардын жанына отурду. Бууз ага нан алып берди. Ал нандан тойгончо жеди, нанынан дагы артып калды.

15 Анан ал машак тергени турду. Бууз кызматчыларына мындай деп буйрук берди: «Бул келин боолордун арасынан машак тере берсин, аны таарынтпагыла.

16 Ага боолордон да ыргытып, калтырып тургула, терип алсын, аны урушпагыла».

17 Ошентип, ал талаада кечке чейин машак терип жүрдү. Терип алган данын бастырганда, бир эйфага жакын арпа болду.

18 Арпасын алып, шаарга кетти. Анын терип келгенин кайын энеси көрдү. Рут өзү тойгондон кийин калтырып койгон нанды койнунан чыгарып, кайын энесине берди.

19 Кайын энеси Рутка: «Сен бүгүн кайсы жерден тердиң, кайсы жерде иштедиң? Сени кабыл алган кишиге Кудай батасын берсин!» – деди. Рут кайын энесине кимдикинде иштегенин айтты: «Мен бүгүн Бууз деген кишинин талаасында иштедим».

20 Ошондо Наами келинине: «Тирүүлөргө да, өлгөндөргө да ырайым көрсөткөнү үчүн, ага Теңир батасын берсин!» – деди. Анан Наами ага: «Ал биздин жакын тууганыбыз болот», – деди.

21 Мааптык Рут: «Атүгүл, ал мага: “Оруу-жыюу бүткөнчө, менин кызматчы аялдарым менен бирге бол”, – деп айтты», – деди.

22 Ошондо Наами келини Рутка: «Анын кызматчы аялдары менен чогуу болгонуң жакшы, кызым, сени башка талаадагылар кордошпойт», – деди.

23 Ошентип, ал Буздун кызматчы аялдары менен бирге болуп, арпа оруму менен буудай оруму бүткөнчө, машак терип, кайын энесинин үйүндө жашап турду.

**3-БӨЛҮМ**

**Руттун баш паана табышы**

1 Анан ага кайын энеси Наами мындай деди: «Кызым, өзүңө жакшы болушу үчүн, баш паана тапсаң кантет?

2 Сен кызматчы аялдары менен болгон Бууз биздин тууганыбыз. Ал ушул түнү кырманда арпа сапырат.

3 Жуунуп, жыпар жыттуу май сүйкөнүп, жакшы кийимиңди кийип, кырманга бар, ал жеп-ичип бүткөнчө, көзүнө көрүнбө.

4 Ал уктаганы жатканда, кайсы жерге жатканын бил да, барып, бут жагын ачып, жатып ал. Ал сага эмне кылууну айтат».

5 Рут ага: «Мен сенин айтканыңдын баарын кылам», – деп жооп берди.

6 Рут кырманга барып, кайын энеси айткандай кылды.

7 Бууз ичип-жеп, көңүлүн көтөргөндөн кийин, үймөктүн жанына барып жатты. Ошондо Рут акырын келип, анын бут жагын ачып, жатып алды.

8 Түн ортосунда ал чочуп ойгонуп, ордунан туруп караса, бут жагында бир аял жатыптыр.

9 Ошондо Бууз андан: «Сен кимсиң?» – деп сурады. Рут ага: «Мен сенин күңүң Рутмун. Күңүңө канатыңды жай, анткени сен тууганарсың», – деди.

10 Бууз мындай деди: «Теңир сага батасын берсин, кызым! Сен жакырлар менен байлардын арасынан жаш адам издеген жоксуң, бул кылганың мурунку ишиңден да жакшы болду.

11 Ошондуктан коркпо, кызым, сен айткандын баарын жасайм. Анткени менин шаарымдагы элдин баары сенин жакшы аял экениңди билет.

12 Менин тууган экеним ырас, бирок менден да жакын тууганың бар.

13 Бул түнү ушул жерде түнө. Эртең эле, эгерде ал тууган сени кабыл алса, анда жакшы болот, кабыл алсын. Эгерде ал сени кабыл алгысы келбесе, анда мен өзүм кабыл алам. Теңир тирүү! Таң атканга чейин жата тур».

14 Ошентип, ал таң атканга чейин анын бут жагында жатты. Анан ал бири-биринин өңүн ажырата алган убакка чейин эле туруп кетти. Бууз: «Кырманга аял келгенин билишпесин», – деди.

15 Анан Рутка: «Үстүңдөгү сырт кийимиңди бер, аны кармап тур», – деди. Ал кармап турду. Ошондо Бууз ага алты ченем арпа өлчөп, ийнине салып берди. Өзү шаарга кетти.

16 Рут болсо кайын энесине келди. Кайын энеси: «Эмне болдуң, кызым?» – деп сурады. Рут ага Бууздун эмне кылганынын бардыгын айтып берди.

17 Анан: «Ал мага бул алты ченем арпаны берип: “Кайын энеңе куру кол барба”, – деп айтты», – деди.

18 Кайын энеси: «Иш эмне менен бүтөрүн билгиче, күтө тур, кызым. Анткени ал киши ишти бүгүн бүтүрмөйүнчө жай албайт», – деди.

**4-БӨЛҮМ**

**Бууздун Рутту алышы**

1 Бууз шаар дарбазасынын алдына барып отурду. Ошол учурда анын жанынан өзү айткан тууганы өтүп бара жаткан эле. Бууз ага: «Бери кел, бул жерге отур», – деди. Ал келип отурду.

2 Бууз шаар аксакалдарынан он кишини чакырып алып, аларга: «Бул жерге отургула», – деди. Алар отурушту.

3 Ошондо Бууз жакын тууганына: «Маап талааларынан кайтып келген Наами биздин тууганыбыз Элимелекке таандык жердин бир бөлүгүн сатып жатат.

4 Сенин кулагыңа угузайын, айтайын деп чечтим: бул жерде отургандардын жана элимдин аксакалдарынын көзүнчө аны кунун төлөп кайрып ал. Эгерде кунун төлөп кайрып алгың келсе, кайрып ал. Андай кылгың келбесе, мага айт, мен билгидей болоюн. Анткени сенден бөлөк эч ким кунун төлөп кайрып ала албайт. Сенден кийинки эле жакын тууганы менмин», – деди. Ал: «Кунун төлөп кайрып алам», – деди.

5 Бууз: «Нааминин жерин кайрып алгың келсе, маркумдун аялы мааптык Руттукун кошо кайрып алышың керек, үлүшү маркумдун наамында калышы үчүн, Рутту аялдыкка алышың керек», – деди.

6 Ошондо ал тууганы: «Мен аны ала албайм, үлүшүм бузулуп калат. Аны сен кабыл ал, мен кабыл ала албайм», – деди.

7 Мурун Ысрайыл элинде сатып алууда жана алмашууда, ар бир ишти бекемдеш үчүн мындай салт болгон: бири өзүнүн бут кийимин чечип, экинчисине берген, бул Ысрайылда күбөлүк катары болгон.

8 Анан тууганы Буузга: «Өзүң сатып ал», – деди да, бут кийимин чечти.

9 Ошондо Бууз аксакалдарга жана бүт элге: «Менин Наамиден Элимелектин бүт жерин, Килийон менен Махлондун бүт жерин сатып алып жатканыма силер азыр күбөсүңөр.

10 Үлүшү маркумдун наамында калышы үчүн, маркумдун ысымы бир туугандарынын арасында жана жашаган жеринде өчпөшү үчүн, Махлондун аялы мааптык Рутту аялдыкка алып жатам. Силер бүгүн буга күбөсүңөр», – деди.

11 Дарбазанын алдында турган бүт эл жана аксакалдар мындай дешти: «Биз күбөбүз, үйүңө кирген аялды Теңир Ысрайылдын тукумун улаган Рахел менен Леядай кылсын. Эфратада байлыкка ээ бол, Бейт-Лехемде ысымың даңазалансын.

12 Теңир сага ушул жаш аялдан бере турган тукум Тамар Жүйүткө төрөп берген Перестин тукумундай болсун».

**Бууз жана анын тукуму**

13 Ошентип, Бууз Рутту алды, Рут анын аялы болуп калды. Ал Рутка жакындады, Теңир берип, анын боюна бүтүп, уул төрөдү.

14 Ошондо аялдар Наамиге мындай дешти: «Теңирге даңк, Ал сени мураскорсуз калтырган жок! Анын ысымы Ысрайылда даңкталсын!

15 Ал сага кубаныч тартуулайт, карыганыңда багат, анткени аны сени жакшы көргөн, сен үчүн жети уулдан артык болгон келиниң төрөп берди».

16 Наами ал баланы алып, койнуна салып көтөрүп жүрдү, анын бакма энеси болду.

17 Кошуна аялдар: «Наами уулдуу болду», – деп, баланын атын Обейт коюшту. Ал – Дөөттүн атасы Жышайдын атасы.

18 Перестин санжырасы мындай: Перестен Хесрон төрөлгөн;

19 Хесрондон Рам төрөлгөн; Рамдан Аминадап төрөлгөн;

20 Аминадаптан Нахшон төрөлгөн; Нахшондон Салмон төрөлгөн;

21 Салмондон Бууз төрөлгөн; Бууздан Обейт төрөлгөн;

22 Обейттен Жышай төрөлгөн; Жышайдан Дөөт төрөлгөн.

**БИРИНЧИ ШЕМУЕЛ КИТЕБИ**

**1-БӨЛҮМ**

**Элкана жана анын Шилодогу үй-бүлөсү**

1 Эпрайым тоосундагы Раматайым-Сопим шаарында Элкана аттуу эфраталык адам жашаган. Ал Жерохамдын уулу эле. Жерохам Эйлинин, Эйли Тохунун, Тоху Зуптун уулу болгон.

2 Элкананын эки аялы болгон: бирөөнүн ысымы – Анна, экинчисинин ысымы – Пенина. Пенинанын балдары бар эле, Аннаныкы болсо жок болчу.

3 Ал киши Себайот Теңирге табынып, курмандык чалуу үчүн, өз шаарынан жыл сайын Шилого барчу. Ал жерде Теңирдин ыйык кызмат кылуучулары Копни жана Пинехас деген Эйлинин эки уулу болгон.

4 Элкана курмандык чалган күндөрү аялы Пенинага жана анын бүт уул-кыздарына курмандык тамактан бөлүп берчү.

5 Аннага болсо өзгөчө бөлүгүн берчү, анткени Теңир ага бала бербегенине карабай, аны сүйчү.

6 Теңир Аннага бала бербегени үчүн, күндөшү аны дайыма капа кылып, аны наалыганга түртчү.

7 Ал жыл сайын Теңирдин үйүнө барганда, ушундай болчу. Пенина Аннаны ыза кылчу, ал ыйлап, тамак жечү эмес.

8 Ошондо күйөөсү Элкана ага: «Анна! Эмнеге ыйлайсың, эмне үчүн тамак жебейсиң, эмнеге кайгырасың? Мен сен үчүн он уулдан артык эмесминби?» – деди.

**Анна жана Эйли**

9 Алар Шилодо тамак жеп бүткөндөн кийин, Анна ордунан туруп кетти. Ошол убакта ыйык кызмат кылуучу Эйли ийбадаткананын кире беришинде отургучта отурган.

10 Аял кайгырып, көзүнүн жашын көл кылып ыйлап, Теңирге сыйынды.

11 Анан мындай деп убада берди: «Себайот Теңир! Эгер Сен Өз күңүңдүн кайгысына назарыңды салсаң, мени эсиңе алып, Өз күңүңдү унутпасаң, күңүңө эркек бала берсең, анда мен аны өмүрү өткөнчө Сага берем, башына устара тийбейт».

12 Ал Теңирдин алдында көпкө сыйынды, ошол убакта Эйли анын оозун карап турду.

13 Анна ичинен сүйлөп жаткан, анын эриндери гана кыймылдап, үнү чыкпагандыктан, Эйли аны мас деп ойлоду.

14 Эйли ага: «Масың качан тарайт? Соолук», – деди.

15 Анна мындай деп жооп берди: «Жок, мырзам, мен кайгыга малынган аялмын, шарап да, ичкилик да ичкен жокмун, Теңирдин алдында жүрөгүмдөгүнү төгүп жатам.

16 Күңүңдү начар аял деп ойлобо, себеби кайгы-капам оор болгондуктан, ушуга чейин сүйлөп жаттым».

17 Ошондо Эйли: «Тынчтык менен бар, Ысрайылдын Кудайы сураганыңды берсин», – деди.

18 Аял болсо: «Күңүң сенин алдыңда ырайым тапсын!» – деди да, өз жолуна түштү. Тамак ичти, жүзү мурдагыдай капалуу болбой калды.

**Шемуелдин төрөлүшү жана Кудайга арналышы**

19 Алар эртең менен эрте туруп, Теңирге табынышты да, Рамадагы үйүнө кайтып келишти. Элкана аялы Аннага жакындады, Теңир ал аялды эстеди.

20 Бир нече убакыттан кийин Аннанын боюна бүтүп, уул төрөдү да: «Аны Теңирден сурап алдым», – деп, ага Шемуел деген ат койду.

21 Күйөөсү Элкана бүт үй-бүлөсү менен Теңирге жыл сайын чалынуучу курмандыкты чалуу үчүн жана өз убадасын аткаруу үчүн кетти.

22 Анна болсо барган жок. Күйөөсүнө: «Мен баланы эмчектен чыккандан кийин алып барам, ал Теңирдин алдына барып, ошол жерде түбөлүккө калат», – деп айтты.

23 Күйөөсү Элкана ага: «Каалаганыңдай болсун. Ал эмчектен чыкканча кала бер, бирок оозуңдан чыккан сөздү Теңир Өзү аткарсын», – деди. Ошентип, аялы үйдө калды. Уулун эмчектен чыгарганга чейин эмчек сүтүн берип бакты.

24 Аны эмчектен чыгаргандан кийин, ал үч букачар, бир эйфа ун, бир чанач шарап жана баланы алып, Шилого, Теңирдин үйүнө келди. Бала болсо жаш эле.

25 Алар букачарды союшту. Эйлиге баланы алып келишти.

26 Анан аял: «О мырзам! Өмүрүң узун болсун, мырзам! Баягыда ушул жерде, сенин жаныңда Теңирге жалынып сыйынган аял менмин.

27 Мен Кудайга ушул баланы сурап сыйынгам, Теңирим мага сураганымды берди.

28 Мен аны өмүрү өткөнчө Теңирге кызмат кылууга берем», – деди. Анан ал Теңирге ошол жерде ийилип таазим кылды.

**2-БӨЛҮМ**

**Аннанын сыйынуусу**

1 Анна Кудайга мындай деп сыйынды: «Теңирим менен жүрөгүм кубанды. Кудайым менин мүйүзүмдү көккө көтөрдү. Душмандарыма сүйлөй алам, Сенин куткарууңа кубанам.

2 Теңирдей ыйык эч ким жок, анткени Сенден башка эч ким жок. Биздин Кудайдай тирек жок.

3 Текеберденип сүйлөбөгүлө, оозуңардан мактаныч сөздөр чыкпасын, анткени Кудай – баарын билген Теңир, Ага бардык иштер белгилүү, Анын алдында баары таразалануу.

4 Күчтүүлөрдүн жаасы сынат, ал эми алсыздар күчкө толушат.

5 Курсагы токтор нан үчүн иштешет, ачкалар эс алышат. Ал турсун, төрөбөс аял жети бала төрөйт, баласы көптөр болсо балдарынан ажырашат.

6 Теңир өлтүрөт жана тирилтет, өлгөндөр жаткан жайга түшүрөт жана чыгарат.

7 Теңир жакырдантат жана байытат, кемсинтет жана көтөрөт.

8 Ал кедейди топурактан көтөрүп, жакырды балчыктан чыгарат да, төрөлөр менен отургузат, аларга даңктын тагын мурас кылат, анткени жердин негиздери Теңирде, алардын үстүнө Ал ааламды орноткон.

9 Ал Өзүнүн ыйык адамдарынын кадамын сактайт, ал эми мыйзамсыздар караңгыда жок болушат, анткени адам өзүнүн күчү менен күчтүү эмес.

10 Теңир Өзүнө каршы чыккандарды талкалайт, асмандан аларга күркүрөйт. Бүт жер жүзүн соттойт, Өз падышасына күч-кубат берет, Өзү майлагандын мүйүзүн көтөрөт».

11 Анан Элкана Рамадагы өз үйүнө кетти. Баласы болсо Теңирге кызмат кылуу үчүн, ыйык кызмат кылуучу Эйлинин жанында калды.

**Эйлинин уулдарынын күнөөсү**

12 Эйлинин уулдары начар адамдар эле. Алар Теңирди билишчү эмес,

13 ыйык кызмат кылуучулардын элдин алдындагы милдетин да билишчү эмес. Кимдир бирөө курмандык чалып жатканда, ыйык кызмат кылуучунун баласы эт бышып жаткан убакта колуна айрыча кармап келчү да,

14 казандан, же табактан, же табадан, же карападан айрыча эмнени илип чыкса, ошону ыйык кызмат кылуучу өзүнө алчу. Шилого келген бардык ысрайылдыктарга алар ушундай кылышчу.

15 Ал турсун, майды өрттөшкөнгө чейин, курмандык алып келген кишиге ыйык кызмат кылуучунун баласы келип мындай дечү: «Ыйык кызмат кылуучуга куурдакка эт бер, ал сенден бышкан эт албайт, чийкисинен бер».

16 Эгерде ага бирөө: «Адегенде май өрттөлүшү керек, андан кийин каалашыңча ал», – деп айтса, ал: «Жок, азыр бер, бербесең күч менен алам», – деп айтчу.

17 Теңирдин алдында бул жаш адамдардын күнөөсү өтө чоң эле, анткени алар Теңирге чалынган курмандыктарды булгашчу.

**Шемуел Шилодо**

18 Өспүрүм Шемуел зыгыр буласынан токулган эфод кийип, Теңир алдында кызмат кылып жүрдү.

19 Күйөөсү экөө жыл сайын чалына турган курмандыкты чалар мезгилде энеси ага чакан сырт кийим тигип келип берчү.

20 Эйли Элкана менен анын аялына мындай деп бата берди: «Сенин Теңирге берген балаңдын ордуна, ушул аялыңды Теңир жалгап, сага дагы көп бала берсин!» Ошентип, алар өз жайына кетишти.

21 Теңир Аннага батасын берди. Анын боюна бүтүп, дагы үч уул, эки кыз төрөдү. Өспүрүм Шемуел болсо Теңир алдында чоңоюп жатты.

**Эйлинин өз уулдарын айыпташы**

22 Эйлинин карылыгы жетип калган, ал өзүнүн уулдарынын ысрайылдыктарга кандай мамиле кылып жатышканын жана жыйын чатырынын алдына келген аялдар менен жатып жүрүшкөнүн укту.

23 Анан аларга: «Эмне үчүн мындай иш кыласыңар? Мен силер жөнүндө элдин баарынан жаман сөздөрдү угуп жатам.

24 Жок, балдарым, мен уккан бул кабар жакшы эмес. Теңирдин элин бузуп жатасыңар.

25 Эгер адам адамга каршы күнөө кылса, анда ал тууралуу Кудайга сыйынышат. Эгерде адам Теңирге каршы күнөө кылса, анда ага ким арачы боло алат?» – деди. Бирок алар атасынын тилин албай коюшту, анткени Теңир аларды өлүм жазасына өкүм кылып койгон эле.

26 Өспүрүм Шемуел күндөн-күнгө жетилип, элге да, Теңирге да сүймөнчүктүү боло берди.

**Эйлинин үй-бүлөсү жөнүндөгү пайгамбарчылык**

27 Анан Кудайдын кишиси Эйлиге келип, ага мындай деди: «Теңир мындай дейт: "Атаң өз бүлөсү менен Мисирде, фараондун жеринде жүргөндө, Мен ага ачылбадым беле!

28 Менин алдымда эфод кийип, Менин курмандык чалынуучу жайыма чыгышы үчүн, жыпар жыттуу зат түтөтүшү үчүн, аны бүт Ысрайыл урууларынын арасынан ыйык кызмат кылуучу кылып тандап албадым беле! Ысрайыл уулдарынын өрттөлүүчү курмандыктарынан атаңдын уруусуна бербедим беле!

29 Өзүмдүн турак жайым үчүн Өзүм осуят кылган, Мага алып келинген курмандыктарды жана нан курмандыктарын силер эмне үчүн бутуңар менен тебелейсиңер? Менин элим Ысрайыл алып келген тартуулардын алгачкыларына семирип, эмне үчүн уулдарыңды Менден артык көрөсүң?"»

30 Ошондуктан Ысрайылдын Кудай-Теңири мындай дейт: «Мен ошондо: "Сенин үй-бүлөң, атаңдын үй-бүлөсү Менин алдымда түбөлүк кызмат кылышат", – деп айткам». Бирок Теңир эми мындай дейт: «Андай болбойт, анткени Мени даңктагандарды Мен даңктайм, Мени жаманатты кылгандар уятка калышат.

31 Мына, Мен сенин жана атаңдын булчуңун кесе турган күндөр келе жатат. Ошентип, сенин үйүңдө карыя болбойт.

32 Теңир Ысрайылды сүйгөнүнө карабастан, Менин турак жайымдын оор абалга учураганын көрөсүң, сенин үйүңдө эч качан карыя болбойт.

33 Бирок көзүңдү талытыш үчүн, жаныңды кыйнаш үчүн, Өзүмдүн курмандык чалынуучу жайымдан сенин бардык тукумуңду жок кылып салбайм, бирок сенин тукумуң орто жаштарында каза болот.

34 Сенин эки уулуң Копни менен Пинехас жөнүндөгү жышаан мындай: экөө бир күндө өлүшөт.

35 Анан Өзүмө ишеничтүү ыйык кызмат кылуучуну коём. Ал Мага жаккандай, Мен каалагандай иш кылат. Анын тукумун бекем кылам, ал Менин майланганымдын алдында өмүр бою кызмат кылат.

36 Сенин тукумуңдан тирүү калганы бир гера күмүш жана бир кесим нан үчүн анын алдына келип жүгүнүп: "Тамак таап жеш үчүн, мага лебилик бир кызмат бер", – деп айтат».

**3-БӨЛҮМ**

**Шемуел – ыйык кызмат кылуучу жана пайгамбар**

1 Өспүрүм Шемуел Эйлинин жанында Теңирге кызмат кылып жүрдү. Ал күндөрү Теңир сөзү сейрек болду, көрүнүштөр да көп болгон жок.

2 Ошол күндөрү Эйли өз ордунда жатканда, мындай окуя болду. Анын көздөрү тунарып көрбөй калган эле.

3 Кудайдын чырактаны өчө элек эле, Шемуел Теңирдин ийбадатканасында, Кудайдын келишим сандыгы турган жерде жаткан.

4 Теңир Шемуелди чакырды. Ал: «Мына мен!» – деп жооп берди.

5 Анан Эйлиге чуркап барып: «Мына мен! Сен мени чакырдың», – деди. Бирок ал: «Мен сени чакырган жокмун, кайра барып жат», – деди. Ал барып, кайра ордуна жатты.

6 Бирок Теңир Шемуелди дагы чакырды. Ал ордунан туруп, Эйлиге экинчи ирет келип: «Мына мен! Сен мени чакырдың», – деди. Бирок ал: «Уулум, мен сени чакырган жокмун, кайра барып жат», – деди.

7 Шемуел Теңирдин үнүн тааный элек болчу, Теңирдин сөзү ага ачыла элек эле.

8 Теңир Шемуелди үчүнчү жолу чакырды. Ал ордунан туруп, Эйлиге келип, мындай деди: «Мына мен! Сен мени чакырдың». Өспүрүмдү Теңир чакырганын Эйли ошондо түшүндү.

9 Ошондо Эйли Шемуелге: «Кайра барып жат, сени чакырганда: “Сүйлө, Теңирим, кулуң угуп жатат”, – дегин», – деди. Шемуел өз ордуна барып жатты.

10 Анан Теңир келип, турду да, мурдагыдай: «Шемуел, Шемуел!» – деп чакырды. Шемуел: «Сүйлө, Теңирим, кулуң угуп жатат», – деп жооп берди.

11 Ошондо Теңир Шемуелге мындай деди: «Мен Ысрайылда бир иш кылам, ал жөнүндө уккандын эки кулагы зыңылдап калат.

12 Мен Эйлинин тукуму жөнүндө айтканымдын баарын ошол күнү аткарам. Мен баштайм жана бүтүрөм.

13 Мен ага: “Уулдарыңдын мыйзамсыз иштерди кылып жатканын көрүп туруп, аларды тыйбаганың үчүн – ушул күнөөң үчүн сенин тукумуңду түбөлүккө жазалайм”, – деп айткам.

14 Ошондуктан Эйлинин тукумуна ант бергем, Эйлинин тукумунун күнөөсү курмандыктар менен да, нан курмандыктары менен да түбөлүккө жуулбайт».

15 Шемуел эртең мененкиге чейин жатты, анан Теңир үйүнүн эшиктерин ачты. Шемуел бул көрүнүштү Эйлиге айткандан коркту.

16 Бирок Эйли Шемуелди чакырып, мындай деди: «Шемуел, уулум!» Ал: «Мына мен!» – деп жооп берди.

17 Эйли ага: «Теңир сага эмне деди? Менден жашырба. Сага айтылгандан бир нерсе жашырсаң, Кудай сени жазалайт, катуу жазалайт», – деди.

18 Ошондо Шемуел ага бүт баарын айтып берди, эч нерсе жашырган жок. Эйли ошондо мындай деди: «Ал – Теңир. Ал эмнени кааласа, ошону кылат».

19 Шемуел өсүп жетилди, Теңир аны менен болду, ага айтылган бир да сөз аткарылбай калган жок.

20 Дандан Бейер-Шебага чейинки бүт Ысрайыл эли Шемуелдин Теңирдин пайгамбары болууга татыктуу экенин билди.

21 Теңир Өзүн Шилодо сөзү аркылуу Шемуелге ачкандан кийин, Шилого келип турду.

**4-БӨЛҮМ**

**Пелиштиликтердин Кудайдын келишим сандыгын тартып алышы**

1 Шемуел бүт Ысрайылга сөз сүйлөдү. Ысрайылдыктар пелиштиликтерге каршы согушка чыгышып, кошуундары менен Эбен-Айзерге жайгашышты, пелиштиликтер болсо Апейикке жайланышышты.

2 Пелиштиликтер Ысрайылга каршы катарга тизилишти, катуу салгылаш болду. Пелиштиликтер ысрайылдыктарды кыйратышты, согуш талаасында алардын төрт миңге жакын адамын өлтүрүштү.

3 Анан эл кошуунга келди. Ысрайыл аксакалдары: «Бүгүн Теңир бизди пелиштиликтердин алдында эмне үчүн талкалады? Шилодон Теңирдин келишим сандыгын алалы, ал биздин арабызда болсун, ошондо ал бизди душмандарыбыздын колунан сактайт», – дешти.

4 Ошентип, эл Шилого кишилерди жиберди. Алар ал жерден керуптардын үстүндө отурган Себайот Теңирдин келишим сандыгын алып келишти. Ал эми Кудайдын келишим сандыгынын жанында Эйлинин эки уулу Копни менен Пинехас да бар эле.

5 Теңирдин келишим сандыгы кошуунга келгенде, бүт Ысрайыл катуу кыйкырып жиберди, жер дүңгүрөп кетти.

6 Пелиштиликтер катуу кыйкырыкты укканда: «Эврейлердин кошуунунан эмне үчүн мындай катуу кыйкырык чыгып жатат?» – дешти. Анан алар кошуунга Теңирдин келишим сандыгы келгенин билишти.

7 Ошондо пелиштиликтер коркуп: «Алардын кошуунуна Кудай келди», – дешти. Дагы мындай дешти: «Бизге кайгы! Анткени мындай нерсе мурун болгон эмес.

8 Кайгы бизге! Бул кудуреттүү Кудайдын колунан бизди ким куткара алат? Чөлдө мисирликтерди ар кандай жазалар менен кырган Кудай ушул.

9 Пелиштиликтер, эврейлер силерге кул болгондой, силер да аларга кул болбошуңар үчүн, белиңерди бек бууп, кайраттуу болгула. Кайраттуу болгула, алар менен салгылашкыла!»

10 Пелиштиликтер салгылашышты, ысрайылдыктар жеңилип, ар кимиси өз чатырына качты. Зор кыйроо болду. Ысрайылдын отуз миң жөө адамы кырылды.

11 Кудайдын келишим сандыгын тартып алышты. Эйлинин эки уулу Копни менен Пинехас өлдү.

**Эйлинин көз жумушу**

12 Бенжеминдик бир киши согуш майданынан качып, ошол эле күнү Шилого келди. Анын сырткы кийими айрылган, башы топурак эле.

13 Ал келгенде, Эйли дарбазанын жанында, жол боюндагы отургучта отурган, анткени Кудайдын келишим сандыгы үчүн ал кабатыр болуп жаткан. Ал киши келип, шаарга жарыя кылганда, бүт шаар боздоп жиберди.

14 Эйли боздогон үндү угуп: «Бул эмне деген ызы-чуу?» – деди. Ошол маалда тиги киши келип, Эйлиге жарыя кылды.

15 Ошол учурда Эйли токсон сегиз жашта эле. Анын көздөрү тунарып көрбөй калган.

16 Тиги киши Эйлиге мындай деп айтты: «Мен согуш талаасынан келдим, майдандан бүгүн качып келдим». Эйли андан: «Эмне болду, уулум?» – деп сурады.

17 Кабарчы мындай деп жооп берди: «Ысрайыл пелиштиликтерден качты, эл зор кыйроого учурады, эки уулуң тең – Копни да, Пинехас да өлдү, Кудайдын келишим сандыгын тартып алышты».

18 Ал Кудайдын келишим сандыгы жөнүндө айтканда, Эйли дарбазанын алдындагы отургучта отурган жеринен чалкасынан кетип, кыр аркасы сынып өлдү, анткени ал карып калган эле, салмактуу да болчу. Ал кырк жыл Ысрайылдын башкаруучусу болду.

**Пинехастын аялынын өлүшү**

19 Келини, Пинехастын аялы, кош бойлуу болчу, төрөтү жакындап калган эле. Ал Кудайдын келишим сандыгын тартып алышканын, кайын атасы менен күйөөсүнүн өлгөнүн укканда, тизелеп жыгылып, төрөп салды, анткени күтүлбөгөн жерден толгоосу келип калган эле.

20 Ал өлүп бара жатканда, жанында турган аялдар ага мындай дешти: «Коркпо, уул төрөдүң». Бирок ал жооп берген жок, буга көңүл да бөлгөн жок.

21 Теңирдин келишим сандыгы тартылып алынгандыктан, кайын атасы менен күйөөсү өлгөндүктөн, «Ысрайылдан атак-даңк кетти», – деп, ал балага Ихабот деген ат койду.

22 Аял мындай деп айтты: «Ысрайылдан атак-даңк кетти, анткени Кудайдын келишим сандыгы тартылып алынды».

**5-БӨЛҮМ**

**Теңирдин келишим сандыгынын пелиштиликтерге Теңирдин каргышын алып келиши**

1 Пелиштиликтер болсо Теңирдин келишим сандыгын тартып алышты да, Эбен-Айзерден Азотко алып келишти.

2 Пелиштиликтер Теңирдин келишим сандыгын алып, Дагондун бутканасына киргизип, Дагондун жанына коюшту.

3 Азоттуктар эртеси эртең менен турушса, Теңирдин келишим сандыгынын алдында Дагон бети менен жатыптыр. Алар Дагонду алып, өз ордуна коюшту.

4 Алар кийинки күнү таң заардан турушса, Теңирдин келишим сандыгынын алдында Дагон дагы бети менен жатыптыр. Дагондун башы менен эки колу кесилип, босогодо жатыптыр, тулку бою гана калыптыр.

5 Ошондон тартып Дагондун буткана кызматчылары менен Азоттогу Дагондун бутканасына келген элдин баары ушул күнгө чейин анын босогосун atташпайт.

6 Азоттуктардын үстүндөгү Теңирдин колу оорлоду, Теңир аларды кыйратты. Азотту жана анын айланасын ириңдүү шишик оорусу менен жазалады.

7 Азоттуктар муну көрүп, мындай дешти: «Ысрайылдын Кудайынын келишим сандыгы бизде калбасын, анткени Анын колу биздин жана биздин кудайыбыз Дагондун үстүндө оор болду».

8 Анан алар пелиштиликтердин бардык төрөлөрүнө киши жиберип, баарын чогултуп, мындай дешти: «Ысрайыл Кудайынын келишим сандыгын эмне кылалы?» Тигилер: «Ысрайыл Кудайынын келишим

сандыгын Гатка алып баргыла», – дешти. Ошентип, алар Ысрайыл Кудайынын келишим сандыгын Гат шаарына жөнөтүштү.

9 Аны Гатка алып келишкенден кийин, Теңирдин колу ал шаардын үстүндө болду. Эл дүрбөлөңгө түштү, Теңир шаардын тургундарын кичинесинен чоңуна чейин кырды, аларда ириңдүү шишик оорусу пайда болду.

10 Ошондо алар Кудайдын келишим сандыгын Ашкелонго жиберишти. Ашкелонго Теңирдин келишим сандыгы келгенде, ашкелондуктар мындай деп боздоп жиберишти: «Бизди жана элибизди өлтүрүш үчүн, Ысрайылдын Кудайынын келишим сандыгын алып келишти!»

11 Анан алар Пелиштинин бардык төрөлөрүнө киши жиберип, баарын чогултуп, мындай дешти: «Ысрайыл Кудайынын келишим сандыгын кайра жөнөткүлө, ал бизди жана биздин элибизди өлтүрбөш үчүн, өз ордуна кайтсын». Анткени бардык шаарды өлүм коркунучу басты, алардын үстүндөгү Теңирдин колу өтө оорлоду.

12 Өлбөй калгандар ириңдүү шишик оорусуна чалдыгышты, шаардын өкүрүгү асманга чейин көтөрүлүп жатты.

**6-БӨЛҮМ**

**Теңирдин келишим сандыгынын алынып келиниши**

1 Теңирдин келишим сандыгы Пелишти жеринде жети ай болду.

2 Пелиштиликтер буткана кызматчылары менен сыйкырчыларды чакырып, мындай дешти: «Теңирдин келишим сандыгын эмне кылалы? Аны өз ордуна кантип жөнөтүү керектигин бизге айткыла».

3 Тигилер: «Эгер Ысрайылдын Кудайынын келишим сандыгын кайра жөнөткүңөр келсе, аны куру жөнөтпөгүлө. Ага айып үчүн чалынуучу курмандыкты чалгыла, ошондо айыгасыңар жана Анын колу эмне себептен силердин үстүңөрдөн алынбаганын билесиңер», – дешти.

4 Анан алар дагы мындай дешти: «Биз айып үчүн чалынуучу курмандыкка Ага эмне чалышыбыз керек?» Тигилер мындай дешти: «Пелиштилик төрөлөрдүн санына жараша беш алтын ириңдүү шишик жана беш алтын чычкан чалгыла, анткени силердин төрөлөрүңөр да, силер да бир жаза алдыңар.

5 Ошондуктан силер жерди кыйратуучу алтын ириңдүү шишиктер менен алтын чычкандардын балбалдарын жасап, Ысрайылдын Кудайын даңктагыла. Балким, Ал силердин үстүңөрдөгү, кудайыңардын үстүндөгү, жериңердин үстүндөгү Өзүнүн колун жеңилдетер.

6 Мисирликтер менен фараон жүрөктөрүн өжөрлөнтүшкөндөй, силер да эмнеге жүрөгүңөрдү өжөрлөнтүп жатасыңар? Теңир мисирликтерге Өз күчүн көргөзгөндө, алар ысрайылдыктарды коё беришкен, алар кетишкен.

7 Ошондуктан бир жаңы араба жасагыла, моюнтурук салынбаган, эки саан уй алып, аларды арабага чеккиле. Музоолорун бөлүп алып, үйгө алып кеткиле.

8 Теңирдин келишим сандыгын арабага салгыла. Ал эми айып үчүн чалынуучу курмандыкка алып келген алтын буюмдарыңарды үкөккө салып, анын капталына койгула да, коё бергиле, кете берсин.

9 Анан карап тургула, эгер ал өз жерине, Бейт-Шемешке барса, анда ушул чоң жамандыкты биздин башыбызга Ал түшүргөн болот. Эгер андай болбосо, анда бизди кыйраткан Анын колу эмес, бул жамандык биздин башыбызга кокусунан түшкөн болот».

10 Анан алар мындай кылышты: эки саан уй алып, арабага чегишти, музоолорун үйгө калтырышты.

11 Теңирдин келишим сандыгын жана алтын чычкандар менен алтын ириңдүү шишиктердин балбалдары салынган үкөктү арабага салышты.

12 Ошондо уйлар түз эле Бейт-Шемешти көздөй кеткен жолго түшүштү. Мөөрөгөн боюнча оңго да, солго да бурулбай, бир жол менен кетишти. Пелиштинин төрөлөрү Бейт-Шемештин чегине чейин алардын артынан ээрчип барышты.

13 Ошол кезде өрөөндө буудай оруп жаткан Бейт-Шемештин тургундары Теңирдин келишим сандыгын көрүп, көргөндөрүнө сүйүнүштү.

14 Араба бейт-шемештик Жошуянын талаасына келип, ошол жерге токтоп калды. Ал жерде чоң таш бар эле. Алар арабаны жарып, отун кылышты да, уйларды Теңирге арнап бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка чалышты.

15 Лебилер Теңирдин келишим сандыгын жана анын жанындагы алтын буюмдар салынган үкөктү алып, жанагы чоң таштын үстүнө коюшту. Ошол күнү Бейт-Шемештин тургундары Теңирге арнап бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктарды алып келип, курмандыктарды чалышты.

16 Пелиштилик беш төрө муну көрдү да, ошол күнү Экронго кайтып келди.

17 Пелиштиликтердин айып үчүн чалынуучу курмандыкка алып келген алтын ириңдүү шишиктеринин бири Азот үчүн, бири Аза үчүн, бири Гат үчүн, бири Ашкелон үчүн, бири Экрон үчүн эле.

18 Ал эми алтын чычкандардын саны Пелиштинин бардык шаарларынын – беш төрөнүн, бекемделген шаарлардан ачык жаткан айылдарга чейин, Теңирдин келишим сандыгы коюлган чоң ташка чейинки шаарлар менен кыштактардын санына жараша болгон. Ал таш ушул күнгө чейин бейт-шемештик Жошуянын талаасында турат.

19 Кудай Бейт-Шемештин тургундарын Теңирдин келишим сандыгынын ичин караганы үчүн өлтүрдү. Ошондо элүү миң жетимиш киши өлтүрдү. Эл боздоп жиберди, анткени Теңир элге чоң кыргын салган эле.

**Теңирдин келишим сандыгы Кырыйат-Жарымда**

20 Ошондо Бейт-Шемештин тургундары мындай дешти: «Теңирдин – бул ыйык Кудайдын алдында ким тура алат? Ал бизден кимге барат?»

21 Анан алар Кырыйат-Жарымдын тургундарына элчилерди жиберип, мындай деп айттырышты: «Пелиштиликтер Теңирдин келишим сандыгын кайра кайтарып беришти. Келип, аны өзүңөргө алып кеткиле».

**7-БӨЛҮМ**

**Шемуел – Ысрайылдын башкаруучусу**

1 Кырыйат-Жарымдын тургундары келип, Теңирдин келишим сандыгын алып кетишти. Аны дөңдөгү Аминадаптын үйүнө алып барышты, анын уулу Элазарды Теңирдин келишим сандыгын кайтарууга дайындашты.

2 Келишим сандыгын Кырыйат-Жарымга койгон күндөн кийин көп убакыт өттү, жыйырма жылдай болду. Бүткүл Ысрайыл эли Теңирге кайрылды.

3 Ошондо Шемуел бүт Ысрайыл элине мындай деп айтты: «Эгер силер Теңирге бүт жүрөгүңөр менен кайрылып жатсаңар, анда өз араңардан бөтөн кудайлар менен Ашейраны алып салгыла да, жүрөгүңөрдү Теңирге буруп, бир гана Ага кызмат кылгыла. Ошондо Ал силерди пелиштиликтердин колунан куткарат».

4 Ысрайыл уулдары жасалма кудайлар Ашейра менен Баалды алып таштап, бир гана Теңирге кызмат кыла башташты.

5 Ошондо Шемуел аларга: «Бүт Ысрайылды Миспага чогулткула, мен силер үчүн Теңирге сыйынам», – деди.

6 Алар чогулуп, суу сузуп, Теңир алдында төгүштү. Ошол күнү орозо кармап, мындай дешти: «Биз Теңирдин алдында күнөө кылдык». Шемуел Миспада Ысрайыл уулдарын башкарып турду.

7 Пелиштиликтер Ысрайыл уулдарынын Миспага чогулганын угушканда, Пелиштинин төрөлөрү Ысрайылга каршы жөнөштү. Ысрайылдыктар муну угушканда, пелиштиликтерден коркушту.

8 Ошондо Ысрайыл уулдары Шемуелге: «Кудай-Теңирибизге биз үчүн жалынганыңды токтото көрбө, Ал бизди пелиштиликтердин колунан куткарсын», – деди.

9 Шемуел сүт эмген бир козуну алып, аны Теңирге арнап бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка чалды да, Ысрайыл үчүн Теңирге жалынды, Теңир аны укту.

10 Шемуел бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты өрттөп жатканда, пелиштиликтер Ысрайыл менен согушууга келишти. Бирок ошол күнү Теңир пелиштиликтердин үстүнөн катуу күркүрөп, аларды дүрбөлөңгө түшүрдү, алар ысрайылдыктардын алдында талкаланышты.

11 Ысрайылдыктар Миспадан чабуулга өтүп, пелиштиликтердин артынан кууп, аларды Бейт-Каромго жеткенче талкалап жүрүп отурушту.

12 Анан Шемуел бир таш алып, Миспа жана Шейин шаарларынын ортосуна коюп: «Теңир бизге ушул жерге чейин жардам берди», – деп, аны Эбен-Айзер деп атады.

13 Пелиштиликтер ушинтип багынып беришти. Алар ошондон кийин ысрайылдыктардын жерине келбей калышты. Шемуелдин көзү өткөнчө, Теңирдин колу пелиштиликтерге каршы турду.

14 Ысрайылдын пелиштиликтер басып алган Экрондон Гатка чейинки шаарлары Ысрайылга кайра кайтарылып берилди. Ысрайыл ошол жерлерди пелиштиликтердин колунан бошотту. Ошентип, Ысрайыл менен аморлуктардын ортосунда тынчтык орноду.

15 Шемуел көзү өткөнчө, Ысрайылда башкаруучу болду.

16 Жыл сайын Бейтелге, Гилгалга, Миспага барып, аларды кыдырып турду. Ал Ысрайылдын ушул жерлеринин баарын башкарып турду.

17 Андан кийин Рамага кайтты, анткени анын үйү ошол жерде эле. Ошол жерде ал Ысрайылды башкарып турду. Ошол жерде ал Теңирге курмандык чалынуучу жай курду.

**8-БӨЛҮМ**

**Ысрайылдын падышаны талап кылышы**

1 Шемуел карыганда, Ысрайылга өз уулдарын башкаруучу кылды.

2 Улуу баласынын ысымы Жоел, экинчи баласынын ысымы Абия болчу. Алар Бейер-Шебада башкаруучу эле.

3 Бирок уулдары анын жолу менен жүрүшкөн жок, дүнүйөкордук кылып пара алып, туура эмес бийлик жүргүзүштү.

4 Ошондо Ысрайылдын бардык аксакалдары чогулуп, Рамага, Шемуелге келишти.

5 Алар ага: «Сен карып калдың, уулдарың сенин жолуң менен жүрүшпөйт, ошондуктан башка элдердикиндей эле, биздин үстүбүзгө падыша кой, ал бизди башкарсын», – дешти.

6 Алардын «Биздин үстүбүзгө падыша кой» деген сөзү Шемуелге жаккан жок. Шемуел Теңирге сыйынды.

7 Ошондо Теңир Шемуелге мындай деди: «Эл сага эмне десе, ошонун бардыгын кыл, анткени алар сенден баш тартышкан жок, Мен падыша болбошум үчүн, Менден баш тартышты.

8 Мен Мисирден алып чыккан күндөн ушул күнгө чейин алар Мени таштап, башка кудайларга кызмат кылышты. Сага да ушундай кылып жатышат.

9 Аларды ук, бирок өздөрүнө бийлик жүргүзө турган падышанын укуктарын аларга айтып эскертип кой».

10 Шемуел өзүнөн падыша сураган элге Теңирдин сөзүн толук айтып берди.

11 Ал аларга мындай деди: «Силерге падышачылык кылчу падышанын укуктары мындай болот: ал уулдарыңарды алат да, өзүнүн майдан арабаларын айдатат, атчан жоокер кылат, алар арабалардын алдында чуркашат.

12 Алардын арасынан миң башы, элүү башы коёт, өз жерлерине иштетет, эгинин ордурат, согуш куралдарын жана араба шаймандарын жасатат.

13 Кыздарыңарды алып, жыпар жыттуу заттарды жасатат, тамак бышыртат, нан жаптырат.

14 Силердин эң жакшы талааларыңарды жана зайтун бактарыңар менен жүзүмзарларыңарды алып, өз кулдарына берет.

15 Эгиниңердин, жүзүмүңөрдүн ондон бир бөлүгүн алып, эбнухтары менен кулдарына берет.

16 Кулдарыңарды, күңдөрүңөрдү, бодо малыңарды, эшектериңерди, мыкты жаш жигиттериңерди алып, өзүнүн иштерине пайдаланат.

17 Майда малыңардын ондон бир бөлүгүн алат. Ага өзүңөр да кул болосуңар.

18 Өзүңөр тандап алган падышаңардан запкы көрүп боздойсуңар, ошондо Теңир силерге жооп бербейт».

19 Бирок эл Шемуелдин сөзүнө макул болбой, мындай деди: «Жок, бизге падыша бийлик кылсын.

20 Ошондо биз башка элдердей болобуз: бизге падыша бийлик кылсын, биздин алдыбызда жүрсүн, согушту башкарсын».

21 Шемуел элдин айткан сөзүнүн баарын угуп, аларды Теңирге айтып берди.

22 Ошондо Теңир Шемуелге мындай деди: «Элдин сөзүн ук, аларга падыша коюп бер». Шемуел ысрайылдыктарга: «Ар бириңер өз шаарыңарга баргыла», – деди.

**9-БӨЛҮМ**

**Шабулдун падыша болуп майланышы**

1 Бенжемин уруусунда Киш деген атактуу киши бар эле. Ал – Абиел уулу, Абиел – Серор уулу, Серор – Бехорат уулу, Бехорат – бенжеминдик Апийахтын уулу.

2 Анын Шабул деген жаш, келишимдүү уулу бар эле. Ысрайылдыктарда андан келишимдүү эч ким жок болчу. Ал узун бойлуу эле, элдин баары анын ийнинен келчү.

3 Шабулдун атасы Киштин ургаачы эшектери жоголуп кетип, Киш өз уулу Шабулга мындай деди: «Тур, кулдардын бирин алып, эшектерди издеп кел».

4 Алар Эпрайым тоосу менен Шалиша жеринен өтүштү, бирок табышкан жок. Шаалим жеринен өтүштү, ал жактан да таппай коюшту. Бенжемин жеринен да өтүштү, бирок таба алышкан жок.

5 Алар Зуп жерине келгенде, Шабул жанындагы кулуна: «Артка кайталы, атам эшектери үчүн эмес, биз үчүн кабатыр болуп жүрбөсүн», – деди.

6 Бирок кулу ага: «Ушул шаарда Кудайдын кишиси бар, ал – кадырлуу адам. Ал эмнени айтса, ошонун баары ордунан чыгат. Азыр ошол жерге баралы. Балким, ал бизге кайсы жол менен барууну көрсөтүп берер», – деди.

7 Шабул кулуна: «Барса баралы, бирок ал кишиге биз эмне алып барабыз? Анткени баштыгыбыздагы наныбыз түгөндү, Кудайдын кишисине алып барчу белегибиз да жок. Эмнебиз бар?» – деди.

8 Кулу Шабулга мындай деп жооп берди: «Менин колумда чейрек күмүш шекел бар. Мен аны Кудайдын кишисине берем, ал бизге жол көрсөтүп берет».

9 Мурун Ысрайылда Кудайдын эркин билүү үчүн кимдир бирөө бара жатканда: «Көрөгөчкө баралы», – дешчү, анткени азыр пайгамбар деп аталган киши мурда көрөгөч деп аталчу.

10 Шабул кулуна: «Туура айтасың, жүр баралы», – деди. Анан Кудайдын кишиси жашаган шаарга жөнөштү.

11 Алар шаарга бет алып, жогору көздөй жөнөшкөндө, суу алганы чыккан кыздарга жолугуп, алардан: «Бул жерде көрөгөч барбы?» – деп сураштты.

12 Кыздар аларга мындай деп жооп беришти: «Бар, ал алдыңан чыгат, бирок шашыл, анткени шаарга ал бүгүн келди, себеби эл бүгүн бийик жерге чогулуп, курмандык чалмак.

13 Аны шаарга киргениңерде, ал тамак жеш үчүн бийик жерге жөнөй элегинде табышыңар мүмкүн, анткени ал келмейинче, эл тамакка отурбайт, себеби ал курмандыкка бата сурайт, андан кийин чакырылгандар тамак жей башташат. Жөнөгүлө, ага азыр жолугасыңар».

14 Алар шаарга жөнөштү. Шаардын ортосуна киришкенде, бийик жерге бет алган Шемуел алардын алдынан чыкты.

15 Шабул келерден бир күн мурун Теңир Шемуелге мындай деп билдирген:

16 «Бенжемин жеринен эртең ушул убакта Мен сага киши жиберем. Сен аны Менин элим Ысрайылга башкаруучу кылып майла, ал Менин элимди пелиштиликтердин колунан куткарат, анткени Мен элимди көрдүм, анын боздогон үнү Мага жетти».

17 Шемуел Шабулду көргөндө, Теңир ага мындай деди: «Мен айткан киши ушул. Бул Менин элимди башкарат».

18 Шабул дарбазанын жанына, Шемуелге келип, андан: «Көрөгөчтүн үйү кайда, мага айтып коёсуңбу?» – деп сурады.

19 Шемуел Шабулга: «Көрөгөч менмин, менин алдымда бас, бийик жерге жүр. Бүгүн силер мени менен тамактанасыңар, сени эртең менен коё берем, жүрөгүңдөгүнүн баарын сага айтып берем.

20 Ал эми үч күн мурда жоголгон ургаачы эшектериңен кам санаба, алар табылды. Ысрайылдагы баалуу нерсе кимге таандык? Сага жана атаңдын тукумуна таандык эмеспи?»

21 Шабул ага: «Мен Ысрайылдын эң кичине уруусу Бенжеминдин уулу эмесминби? Менин үй-бүлөм Бенжемин уруусундагы үй-бүлөлөрдүн эң кичинекейи эмеспи? Сен муну мага эмнеге айтып жатасың?» – деди.

22 Шемуел Шабулду жана анын кулун бөлмөгө киргизди да, отузга жакын чакырылган кишинин арасынан аларды биринчи орунга отургузду.

23 Анан Шемуел ашпозчуга: «“Өзүнчө алып кой”, – деп, мен сага берген устуканды алып кел», – деди.

24 Ашпозчу сан этти жанындагысы менен алып, Шабулдун алдына койду. Шемуел мындай деди: «Бул сага калтырылган, алдыңа коюп же. Анткени мен элди чакырганда эле, бул ушул убакытка чейин сен үчүн сакталып турган». Шабул ошол күнү Шемуел менен бирге тамактанды.

25 Алар бийик жерден шаарга түшүштү. Шемуел Шабул менен үйдүн чатырында сүйлөштү.

26 Эртеси күнү эртең менен эрте Шемуел Шабулга: «Тур, мен сени узатайын», – деп, үйдүн чатырына чакырды. Шабул туруп, Шемуел менен үйдөн чыкты.

27 Алар шаардын четине жеткенде, Шемуел Шабулга: «Кулуңду алдыга баса бер де», – деди. Ал алдыга кетти. «Сен болсо токтой тур, мен сага Кудайдын эмне деп айтканын айтып берейин», – деди.

**10-БӨЛҮМ**

1 Шемуел зайтун майы куюлган идишти алып, анын башына куйду, анан аны өөп, мындай деди: «Теңир сени Өз мурасын башкарууга майлап жатат.

2 Азыр сен менин жанымдан кеткенден кийин, Бенжемин жериндеги Селсахтан, Рахелдин бейитинин жанынан эки кишиге жолугасың, алар сага мындай дешет: “Сен издеп жүргөн ургаачы эшектер табылды, атаң эшектерин ойлобой эле: "Уулум эмне болду?" – деп, силер үчүн тынчсызданып жатат”.

3 Андан өткөндөн кийин, Табор эмен багына келесиң, ал жерден сага Бейтелге, Кудайга бара жаткан үч киши кезигет. Бири үч улак, экинчиси үч нан, үчүнчүсү бир чанач шарап көтөрүп алган.

4 Алар сени менен саламдашып, сага эки нан беришет, аны сен алардын колунан аласың.

5 Андан кийин пелиштилик күзөт тобу турган Кудайдын дөбөсүнө келесиң. Ал жерден шаарга киргенде, бийик жерден түшүп келе жаткан бир топ пайгамбарга жолугасың, алар пайгамбарчылык кылып бара жатышат, алардын алдында забур ырдап, дап кагып, чоор тартып, гусли чертип бара жатышат.

6 Ошондо сенин үстүңө Теңирдин Руху түшүп, алар менен кошо пайгамбарчылык кылып, башка адам болуп каласың.

7 Ушул жышаандар ордунан чыкканда, колуңдан эмне келсе, ошону кыл, анткени Кудай сени менен.

8 Анан сен менден мурда Гилгалга бар, бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктарды, тынчтык курмандыктарын чалуу үчүн, мен да ал жерге, сага барам. Мен сага баргыча, мени жети күн күт, ошондо мен сага эмне кылышың керек экендигин айтам».

9 Шабул бурулуп, Шемуелдин жанынан кетейин дегенде, Кудай ага башка жүрөк берди, ошол күнү ошол жышаандардын бардыгы орундалды.

10 Алар дөбөгө келгенде, алардын алдынан бир топ пайгамбар чыкты. Ошондо Шабулга Кудайдын Руху түштү, ал алардын арасында пайгамбарчылык кылды.

11 Аны мурун тааныгандардын баары анын пайгамбарлар менен пайгамбарчылык кылып жатканын көрүшүп, эл бири-бирине: «Киштин уулуна эмне болгон? Кантип эле Шабул да пайгамбар болуп калсын?» – деди.

12 Анан ошол жердегилердин бирөө: «Ал эми тигилердин атасы ким эле?» – деди. «Кантип эле Шабул да пайгамбар болуп калсын?» деген сөз ошондон улам лакап болуп айтылып калган.

13 Анан ал пайгамбарчылык кылганын токтотуп, бийик жерге кетти.

14 Шабулдун атасынын бир тууганы андан жана анын кулунан: «Силер кайда бардыңар?» – деп сурады. «Ургаачы эшектерди издеп жүрдүк, бирок аларды таппай койгондо, Шемуелге бардык», – деп жооп берди Шабул.

15 Анан Шабулдун атасынын бир тууганы: «Айтып берчи, Шемуел силерге эмне деди?» – деп сурады.

16 Шабул атасынын бир тууганына: «Ал бизге: “Эшектер табылды”, – деп айтты», – деп жооп берди. Бирок Шабул ага Шемуелдин падышачылык жөнүндө айткан сөзүн айткан жок.

**Шабулдун падыша болуп жарыяланышы**

17 Шемуел элди Теңирдин алдына, Миспага чакырды.

18 Ошондо ал Ысрайыл уулдарына мындай деди: «Ысрайылдын Кудай-Теңири мындай дейт: “Мен Ысрайылды Мисирден алып чыктым, силерди мисирликтердин колунан жана силерди эзген бардык падышачылыктардын колунан куткардым”.

19 Силер болсо бардык кыйынчылыктарыңардан, азап-кайгыңардан куткарган Кудайыңарды четке кактыңар да, Ага: “Биздин үстүбүзгө падыша кой”, – дедиңер. Эми өз урууңар, тукумуңар менен Теңирдин алдына келип тургула».

20 Анан Шемуел Ысрайылдын бүт урууларынын келишин буйруду. Ошондо Бенжемин уруусу көрсөтүлдү.

21 Бенжемин урууcуна тукумдарга бөлүнүп келүүнү буйруганда, Матрий тукуму көрсөтүлдү. Матрий тукумунун эркектери келгенде, Киштин уулу Шабулдун аты аталды, аны издеп таппай коюшту.

22 Анан Теңирден дагы: «Ал бул жерге келди беле?» – деп сурашты. Теңир аларга: «Ал жүктүү арабалардын арасында жашынып турат», – деп жооп берди.

23 Алар чуркап барып, аны ал жактан алып келишти. Ал элдин ортосуна турду. Бардык эл анын ийининен келчү.

24 Анан Шемуел бүт элге мындай деди: «Теңир кимди тандаганын көрдүңөрбү? Бүт элде буга тең келе турган эч ким жок». Ошондо бүт эл: «Жашасын падыша!» – деп кыйкырышты.

25 Шемуел падышачылык укуктарды элге айтып берип, китепке жазып, Теңирдин алдына койду. Анан бүт элди коё берди, ар кимиси өз үйүнө тарады.

26 Ошондой эле Шабул да өз үйүнө, Гибага кетти. Кудай каалоо берген эр жүрөк адамдар аны менен жөнөштү.

27 Ал эми начар кишилер: «Бизди сактачу ушул бекен?» – дешти. Аны жек көрүп, ага белек беришкен жок. Бирок ал муну байкамаксан болуп койду.

**11-БӨЛҮМ**

**Шабулдун амондуктарды жеңип алышы**

1 Амондук Нахаш келип, Гилаттагы Жабешти курчады. Ошондо Жабештин бүт тургундары Нахашка: «Биз менен келишим түз, ошондо биз сага кызмат кылабыз», – дешти.

2 Амондук Нахаш аларга: «Баарыңардын оң көзүңөрдү чукуп алып, бүт Ысрайылды маскаралап туруп, анан силер менен келишим түзөм», – деди.

3 Жабештин аксакалдары ага мындай дешти: «Бизге жети күн мөөнөт бер, бүт Ысрайыл жерине элчилерди жиберели, эгер бизге эч ким жардам кылбаса, анда биз сага багынып беребиз».

4 Шабул жашаган Гибага келип, ушул сөздөрдү элге жарыя кылышты. Ошондо бүт эл боздоп ыйлады.

5 Өгүздөрдүн артынан, талаадан келген Шабул: «Элге эмне болгон, эмнеге ыйлап жатат?» – деп сурады. Ага Жабеш тургундарынын сөздөрүн айтып беришти.

6 Ушул сөздөрдү укканда, Шабулдун үстүнө Кудайдын Руху түштү жана ал катуу каарданды.

7 Анан ал кош өгүздү алып, аларды жиликтеп бөлүп, ошол элчилер аркылуу Ысрайылдын бүт жерине мындай деп айттырып жиберди: «Шабул менен Шемуелдин артынан барбагандардын өгүздөрү ушундай болот». Ошондо элди Теңирдин коркунучу басып, баары бир кишидей аттанышты.

8 Шабул аларды Безекте санаганда, Ысрайыл уулдарынан үч жүз миң, Жүйүт эркектеринен отуз миң болуп чыкты.

9 Келген элчилерге мындай дешти: «Гилаттагы Жабештин тургундарына: “Эртең күн ысыган маалда силерге жардам болот”, – дегиле». Элчилер келип, Жабештин тургундарына айтышканда, алар кубанып кетишти.

10 Анан Жабештин тургундары Нахашка: «Эртең силерге багынып беребиз, бизди эмне кылам десеңер, өз эркиңер», – дешти.

11 Эртеси күнү Шабул элди үч топко бөлдү. Алар эртең мененки күзөт убагында кошуундун ортосуна киришти да, амондуктарды күн ысыганча талкалашты. Калгандары чачырап кетти, алардын экиден жүргөнү да калган жок.

12 Ошондо эл Шемуелге мындай деди: «“Бизге Шабул падышачылык кылмак беле?” – дегендер ким? Ошол кишилерди бергиле, аларды өлтүрөбүз».

13 Бирок Шабул мындай деди: «Бүгүн эч кимди өлтүрүүгө болбойт, анткени бүгүн Теңир Ысрайылды куткарды».

14 Шемуел элге: «Гилгалга баралы, ошол жерде падышачылыкты жаңыртабыз», – деди.

15 Бүткүл эл Гилгалга барды да, Гилгалда, Теңирдин алдында Шабулду падыша көтөрүштү, анан ошол жерде, Теңирдин алдында тынчтык курмандыктарын чалышты. Шабул менен ысрайылдыктар ошол жерде аябай көңүл ачышты.

**12-БӨЛҮМ**

**Шемуелдин элге кайрылышы**

1 Шемуел бүткүл Ысрайылга мындай деди: «Мен силердин айтканыңардын баарын угуп, үстүңөргө падыша койдум.

2 Мына, падыша алдыңарда жүрөт. Мен болсо карыдым, чачым агарды. Уулдарым да силер менен. Мен жаш чагымдан ушул күнгө чейин силердин алдыңарда жүрдүм.

3 Мына мен. Теңирдин алдында, Анын майланган адамынын алдында айткыла, кимдин өгүзүн алсам, кимдин эшегин алсам, кимди таарынтсам, кимди кысымга алсам, кимден пара алып, көзүмдү жумуп, ишин жаап койсом, кайтарып берем».

4 Алар: «Сен бизди таарынткан жоксуң, кысымга алган жоксуң, эч кимден эч нерсе алган жоксуң», – деп жооп беришти.

5 Анан ал аларга: «Силер менден эч нерсе тапкан жоксуңар, буга бүгүн Теңир жана Анын майланган адамы күбө», – деди. Алар: «Ооба, Теңир күбө», – дешти.

6 Ошондо Шемуел элге мындай деп кайрылды: «Мусаны жана Арунду дайындап, ата-бабаларыңарды Мисир жеринен алып чыккан Теңир күбө.

7 Эми болсо бул жерге келгиле, мен Теңирдин алдында Анын силерге жана ата-бабаларыңарга кылган бардык жакшы иштери жөнүндө айтып, силерди айыптайын.

8 Жакып Мисирге келгенден кийин, ата-бабаларыңар Теңирге боздоп кайрылышты, ошондо Теңир Муса менен Арунду жиберди. Алар ата-бабаларыңарды Мисирден алып чыгып, ушул жерге отурукташтырышты.

9 Бирок алар өздөрүнүн Кудай-Теңирин унутуп коюшту. Ошондо Ал аларды хатсордук аскер башчы Сисранын, пелиштиликтердин жана Маап падышасынын колуна салып берди. Алар ата-бабаларыңар менен согушушту.

10 Бирок алар Теңирге: “Биз күнөө кылдык, анткени Теңирди таштап, Ашейралар менен Баалдарга кызмат кылдык. Эми бизди душмандарыбыздын колунан куткар, ошондо биз Сага кызмат кылабыз”, – деп боздоп кайрылышканда,

11 Теңир Жеруп-Баалды, Баракты, Иптахты жана Шемуелди жиберип, тегерегиңердеги душмандарыңардын колунан куткарды. Анан силер коопсуз жашадыңар.

12 Бирок Амон падышасы Нахаштын силерге каршы келе жатканын көргөнүңөрдө, падышаңар өзүңөрдүн Кудай-Теңириңер экенине карабастан, “Жок, биздин үстүбүздөн падыша падышачылык кылсын”, – дедиңер.

13 Ошентип, өзүңөр тандап, өзүңөр талап кылган падышаңар мына. Теңир үстүңөргө падыша койду.

14 Эгер Теңирден корксоңор, Ага кызмат кылсаңар, Анын үнүн уксаңар, Теңирдин буйруктарына каршы чыкпасаңар, анда силер да, силерге бийлик кылган падышаңар да Кудай-Теңириңерди ээрчип жүрөсүңөр.

15 Эгер Теңирдин үнүн укпасаңар, Теңирдин буйруктарына каршы чыксаңар, анда Теңирдин колу ата-бабаларыңарга каршы болгондой, силерге да каршы болот.

16 Эми ордуңардан тургула, Теңирдин силердин көз алдыңарда жасай турган улуу ишин көргүлө.

17 Азыр буудайды оруу-жыюу маалы эмеспи? Бирок мен Теңирге кайрылам, Ал күн күркүрөтүп, жамгыр төктүрөт. Өзүңөргө падыша сурап, Теңирдин алдында кылган күнөөңөр кандай чоң экенин ошондо билесиңер жана көрөсүңөр».

18 Шемуел Теңирге кайрылды. Теңир ошол күнү күн күркүрөтүп, жамгыр төктүрдү. Ошондо бүт эл Теңирден жана Шемуелден абдан коркуп калды.

19 Бүт эл Шемуелге кайрылды: «Биз өлүп калбашыбыз үчүн, Кудай Теңириңдин алдында кулдарың үчүн сыйына көр, анткени өзүбүзгө падыша сурап, күнөөлөрүбүздүн үстүнө күнөө кошуп алдык».

20 Шемуел элге мындай деп жооп берди: «Коркпогула, силер күнөө кылдыңар, бирок Теңирден четтебегиле, Теңирге жан-дилиңер менен кызмат кылгыла.

21 Эч нерсеге жарабаган жасалма кудайларга кайрылбагыла, аларды ээрчибегиле, алар куткарбайт, пайда алып келбейт, анткени алар – эч нерсеге арзыбаган нерселер.

22 Теңир болсо Өзүнүн улуу ысымы үчүн Өз элин таштабайт, анткени Теңир силерди Өз каалоосу менен Өз эли кылып тандап алган.

23 Мен да силер үчүн сыйынуумду токтотуп, Теңирдин алдында күнөөлүү болууга өзүмө жол бербейм, силерди жакшы, түз жолго багыттайм.

24 Негизгиси, Теңирден корккула, Ага жан-дилиңер менен, чын жүрөктөн кызмат кылгыла, анткени Анын силер үчүн кандай улуу иштерди кылганын көрдүңөр.

25 Эгерде силер жамандык кыла турган болсоңор, анда падышаңар да, өзүңөр да өлөсүңөр».

**13-БӨЛҮМ**

**Шабулдун өз билгенин кылуусу**

1 Шабул Ысрайылга падышачылык кылганына бир жыл болгондон кийин, экинчи жылы падышачылык кылып жатканында, өзүнө ысрайылдыктардан үч миң кишини тандап алды.

2 Мукмаста жана Бейтел тоосунда Шабул менен эки миң киши болду, миңи болсо Бенжеминдин Гибасында Жонатан менен болчу. Калган элди ал үйлөрүнө коё берди.

3 Жонатан пелиштиликтердин Гибадагы күзөт тобун талкалады. Бул жөнүндө пелиштиликтер угушту, Шабул болсо: «Эврейлер угушсун!» – деп, бүт өлкөгө сурнай тартты.

4 Бүт Ысрайыл Шабулдун пелиштиликтердин күзөт тобун талкалаганын жана пелиштиликтерге Ысрайыл жек көрүндү болгонун укту. Ошондо эл Гилгалга, Шабулдун алдына чогулду.

5 Пелиштиликтер Ысрайыл менен согушуу үчүн чогулушту: отуз миң майдан араба, алты миң атчан, деңиз жээгиндеги кумдай сансыз эл. Пелиштиликтердин кошууну Бейт-Абендин чыгышындагы Мукмаска жайланышты.

6 Ысрайылдыктар өздөрүнүн коркунучтуу абалда экенин, кысымга алынганын көрүшкөндө, үңкүрлөргө, капчыгайларга, аска-зоолордун арасына, казылган орлорго жана аңгектерге жашынышты.

7 Эврейлердин кээ бирлери Иордандын аркы өйүзүнө Гат жана Гилат өлкөсүнө өтүштү. Шабул Гилгалда болчу жана анын жанындагы бардык элдин үрөйү учуп турган эле.

8 Шабул жети күн, Шемуел белгилеген мөөнөткө чейин күттү, Шемуел болсо Гилгалга келбей жатты. Эл Шабулду таштап, туш-тушка тарай баштады.

9 Ошондо Шабул: «Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык менен тынчтык курмандыктарына даярдалганды мага алып келгиле», – деди. Анан ал бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты өрттөдү.

10 Ал бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты өрттөп бүтөрү менен Шемуел келди. Шабул аны менен саламдашуу үчүн, алдынан тосуп чыкты.

11 Шемуел ага: «Бул эмне кылганың?» – деди. Шабул ага: «Эл мени таштап, туш-тушка тарай баштады. А сен белгиленген убакта келген жоксуң. Пелиштиликтер болсо Мукмаска жыйналып калышты.

12 Ошондо мен: "Пелиштиликтер эми Гилгалга келип, мага кол салышат, мен болсо Теңирдин эркин алиге чейин сурай элекмин", – деп ойлодум. Ошондуктан бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты өрттөөгө батындым», – деп жооп берди.

13 Шемуел Шабулга: «Кудай-Теңириңдин сага берген буйругун аткарбай, жаман иш кылдың, анткени Теңир ушул күндө сенин Ысрайылдын үстүнөн болгон падышачылыгыңды түбөлүккө бекемдемек.

14 Эми сенин падышачылыгың туруштук бере албайт. Теңир Өз жүрөгүнө жаккан кишини таап, аны Өз элине жол башчы кылып дайындады, анткени сен Теңирдин буйругун аткарган жоксуң», – деди.

15 Шемуел туруп, Гилгалдан чыгып, Бенжеминдин Гибасына жөнөдү. Шабул болсо жанында калган адамдарын санады, алардын саны алты жүзгө жакын болду.

16 Шабул өз уулу Жонатан менен, өздөрүнүн жанындагы кишилер менен Бенжеминдин Гибасына жөнөдү. Пелиштиликтердин кошууну Мукмаста турган эле.

17 Бул жерди кыйратуу үчүн, Пелишти кошуунунан үч топ бөлүнүп чыкты. Топтордун бири Опраны көздөй кеткен жол менен Шубал аймагына кетти.

18 Экинчи топ Бейт-Хорон жолу менен кетти. Үчүнчү топ Себоим өрөөнүнө, чөлдү көздөй кеткен жол менен бет алды.

19 Бүт Ысрайыл жеринде темир усталар жок эле, анткени кылыч же найза жасашпасын деп, пелиштиликтер эврейлерден сактанышкан.

20 Бүт ысрайылдыктар сокосунун тиштерин, темир күрөктөрүн, балталарын, керкилерин курчутууга,

21 соконун тишинде, темир күрөктүн, айрынын, балтанын мизинде кетик болсо, же сынган бычагын оңдоо керек болсо, пелиштиликтерге барышы керек болчу.

22 Ошондуктан согуш убагында Шабул менен Жонатандын жанындагы элде кылыч да, найза да жок эле, алар Шабул менен анын уулу Жонатанда гана бар эле.

23 Пелиштиликтердин алдыңкы катардагы тобу Мукмас кечүүсүнө чыкты.

**14-БӨЛҮМ**

**Жонатандын эрдиги**

1 Шабулдун уулу Жонатан бир күнү курал көтөргөн жигитине: «Жүр, аркы беттеги пелиштиликтердин тобуна өтүп баралы», – деди. Бирок атасына бул жөнүндө айткан жок.

2 Шабул Гибанын чет жагында, Мигрондогу анар жыгачынын түбүндө эле. Анын жанында алты жүздөй адам,

3 ошондой эле Ихаботтун бир тууганы, Акитуптун уулу, Теңирдин Шилодогу ыйык кызмат кылуучусу, эфод кийген Акия да бар эле. Ихабот – Пинехастын уулу, Пинехас – Эйлинин уулу. Жонатандын кеткенин эл билген жок.

4 Пелиштиликтердин тобуна жетиш үчүн, Жонатан өтө турган өткөөлдүн эки жагында тең аска бар эле. Бирөөнүн аты – Ботсес, экинчисиники – Сене.

5 Бир аска түндүктөгү Мукмасты, экинчиси түштүктөгү Гибаны карап турчу.

6 Жонатан курал көтөргөн жигитине: «Жүр, бул сүннөткө отургузулбагандардын тобуна өтөлү. Балким, Теңир бизге жардам берер, анткени көп киши аркылуу болобу, аз киши аркылуу болобу, Теңир үчүн куткаруу кыйын эмес», – деди.

7 Ошондо ага курал көтөргөн жигити мындай деп жооп берди: «Жүрөгүңдө эмне болсо, ошонун бардыгын кыл. Каалаган жагыңа бара бер, мен сени менен барам».

8 Жонатан ага мындай деди: «Биз тиги кишилерге өтөбүз да, аларга көрүнөө турабыз.

9 Эгерде алар бизге: “Биз силерге баргыча, токтоп тургула”, – десе, анда ордубузда туруп турабыз, жогору чыкпайбыз.

10 Эгерде алар: “Жогору чыгып, бизге келгиле”, – десе, анда жогору чыгабыз, анткени Теңир аларды биздин колубузга салып берди. Бул биз үчүн белги болот».

11 Алар пелиштиликтердин тобуна көрүнөө чыгышканда, пелиштиликтер: «Эврейлер жашынган үңкүрлөрүнөн чыгып жатышат», – дешти.

12 Анан Жонатанга жана анын курал көтөргөн жигитине топтогу кишилер мындай деп кыйкырышты: «Жогору чыгып, бизге келгиле, биз силерге бирдеме айтабыз». Ошондо Жонатан курал көтөргөн жигитине: «Артымдан ээрчи, анткени Теңир аларды Ысрайылдын колуна салып берди», – деди.

13 Жонатан тырмышып, жогору чыга баштады, артында анын курал көтөргөн жигити келе жатты. Пелиштиликтер Жонатандын алдында кулап жатты, курал көтөргөн жигити болсо анын артынан аларды өлтүрүп бара жатты.

14 Жонатан менен анын курал көтөргөн жигитинин ушул биринчи соккусунан кош өгүз менен бир күндө иштеткен талаанын жарымына жыйырмага жакын киши сулап калды.

15 Ошондо талаадагы кошуунда жана бүткүл элде коркунуч туулду. Алдыңкы катардагы топторду жана жерди кыйратуучуларды калтырак басты. Бүт жер солкулдады, Теңирдин улуу коркунучу басты.

**Пелиштиликтердин жеңилиши**

16 Бенжеминдин Гибасындагы Шабулдун сакчылары элдин чачырап, туш-тушка качканын көрүштү.

17 Ошондо Шабул жанындагы элге мындай деп кайрылды: «Карап чыгып, биздин арабыздан ким чыгып кеткенин билгиле». Карап чыгышканда, Жонатан менен анын курал көтөргөн жигити жок болуп чыкты.

18 Ошондо Шабул Акияга: «Кудайдын келишим сандыгын алып кел», – деди. Анткени Кудайдын келишим сандыгы ал убакта Ысрайыл уулдарынын жанында эле.

19 Шабул ыйык кызмат кылуучу менен сүйлөшүп турганда, пелиштиликтердин кошуунунда дүрбөлөң улам күчөп бара жаткан. Ошондо Шабул ыйык кызмат кылуучуга: «Колуңду түшүр», – деди.

20 Шабул жана анын жанындагы эл кыйкырып, согуш майданына келди. Ошол жерде ар бир адамдын кылычы өз жакынына каршы шилтенип, аябай чоң дүрбөлөң болуп жатыптыр.

21 Ошондо буга чейин эле пелиштиликтердин жанында, алар менен кошуунда чогуу жүргөн эврейлер да Шабул менен Жонатандын жанындагы ысрайылдыктарга кошулушту.

22 Эпрайым тоосунда жашынган бардык ысрайылдыктар пелиштиликтердин качканын угуп, салгылашып жаткан өз кишилерине кошулушту.

23 Ошол күнү Теңир Ысрайылды куткарды. Кыргын Бейт-Абенге чейин болду.

**Согуштан кийинки окуялар**

24 Ошол күнү Ысрайылдын кишилери чарчашты. Шабул болсо элге мындай каргыш айтты: «Душмандарымдан өчүмдү алгыча, кечке чейин наар алган кишиге каргыш тийсин!» Ошондо элден эч ким тамак жеген жок.

25 Бүткүл эл токойго кетти, токойдун ичиндеги ачык жерде бал бар эле.

26 Эл токойго кирип: «Мына, бал агып жатат», – деди. Бирок эч ким колун сунуп оозуна алган жок, анткени эл каргыштан коркту.

27 Атасынын элге каргыш айтканын Жонатан уккан эмес, андыктан колундагы таягынын учун балга малып, оозуна тийгизгенде, жандана түштү.

28 Элдин арасынан бир киши ага мындай деп айтты: «Сенин атаң: “Бүгүн наар алганга каргыш тийсин”, – деген. Эл ошондон алсырап турат».

29 Жонатан мындай деди: «Менин атам элди азапка салды, карагылачы, мынабу балдан бир аз ооз тийгенде, жандана түштүм.

30 Эл бүгүн душмандан тартып алган олжодон азыктанып алганда, пелиштиликтердин кыйроосу мындан да зор болбойт беле».

31 Алар ошол күнү пелиштиликтерди Мукмастан Айалонго чейин талкалашты. Эл абдан алсырады.

32 Анан эл олжого жабылып, койлорду, өгүздөрдү, музоолорду алып, ошол жерде союп, каны менен жеди.

33 Ошондо Шабулга: «Эл этти каны менен жеп, Теңирдин алдында күнөө кылып жатат», – деп кабарлашты. Шабул: «Силер күнөө кылдыңар. Эми мага бир чоң ташты тоголотуп келгиле», – деди.

34 Шабул дагы мындай деди: «Элди аралап айткыла, ар бири өз өгүзүн, өз коюн мага алып келип, бул жерге союп жесин, бирок Теңирдин алдында күнөө кылбагыла, каны менен жебегиле». Ошондо бүт эл, ар бири өз өгүзүн түнү менен алып келип, ошол жерге сойду.

35 Шабул Теңирге арнап курмандык чалынуучу жай курду. Бул анын Теңирге арнап курган биринчи курмандык чалынуучу жайы эле.

36 Анан Шабул мындай деди: «Түн ичинде пелиштиликтерди артынан kууп, таң атканга чейин талап-тонойбуз, бир да кишисин калтырбайбыз». Алар: «Сага эмне жакса, ошону кыл», – дешти. Ыйык кызмат кылуучу болсо: «Ушул жерден Кудайга кайрылалы», – деди.

37 Ошондо Шабул Кудайдан: «Пелиштиликтердин артынан кууп барайынбы? Аларды Ысрайылдын колуна салып бересиңби?» – деп сурады. Бирок Кудай ошол күнү ага жооп берген жок.

38 Ошондо Шабул мындай деди: «Бардык эл башчылар бул жерге келсин. Бүгүн күнөө кимде экенин иликтеп билишсин.

39 Анткени Ысрайылды куткарган Теңир тирүү, эгер уулум Жонатан күнөөлүү болуп чыкса, ал да өлөт». Бирок бүт элдин ичинен ага эч ким жооп берген жок.

40 Анан Шабул бардык ысрайылдыктарга мындай деди: «Силер бир тарапка тургула, мен жана уулум Жонатан бир тарапка турабыз». Эл Шабулга: «Сага эмне жакса, ошону кыл», – деди.

41 Шабул Теңирге: «Ысрайылдын Кудай-Теңири! Жышаан бер», – деди. Жонатан менен Шабулдун айыбы ачылып, эл ак болуп чыкты.

42 Ошондо Шабул: «Уулум Жонатан экөөбүздүн ортобузга өкчөмө таш ыргыткыла», – деди. Өкчөмө таш Жонатанга түштү.

43 Шабул Жонатанга мындай деди: «Эмне кылдың эле? Мага айтып бер». Жонатан ага мындай деп жооп берди: «Колумдагы таяктын учу менен бир аз бал таттым эле. Эми мен өлүшүм керек».

44 Шабул ага: «Теңир мени жазаласын, катуу жазаласын, Жонатан, бүгүн сен өлүшүң керек!» – деди.

45 Бирок эл Шабулга мындай деди: «Ысрайылга ушунчалык улуу куткарууну алып келген Жонатан өлүшү керекпи? Мындай болбосун! Теңир тирүү, анын башынан бир да тал чач жерге түшпөйт, анткени бүгүнкү ишти ал Кудай менен кылды». Эл Жонатанды бошотту, ал өлбөй калды.

46 Шабул пелиштиликтерди кууганын токтотуп, кайтып келди. Пелиштиликтер болсо өз жерине кетишти.

**Шабулдун согуштагы ийгиликтери**

47 Шабул өзүнүн Ысрайылдын үстүнөн болгон падышачылыгын бекемдеди. Ал бардык тараптагы душмандары менен: мааптыктар, амондуктар, эдомдуктар, шобаптыктар жана пелиштиликтер менен согушуп, кимге каршы чыкпасын, бардык жерде жеңишке жетип турду.

48 Аскерлерин чогултуп, амалыктыктарды да талкалады. Ошентип, Ысрайылды талоончуларынын колунан куткарды.

49 Шабулдун уулдары: Жонатан, Ишпи жана Малкишуа, ал эми эки кызынын аты: улуусунуку Мейрап, кичүүсүнүкү Михал эле.

50 Шабулдун аялынын аты – Акинаам, ал – Акимаастын кызы. Анын аскер башчысынын аты – Абенер, ал Шабулдун агасы Нейирдин уулу болгон.

51 Шабулдун атасы Киш менен Абенердин атасы Нейир Абиелдин уулдары болушкан.

52 Шабулдун өмүрү өткөнчө, пелиштиликтерге каршы айыгышкан согуштар болуп турду. Шабул күчтүү, эр жүрөк адамды көргөндө, аны жанына алчу.

**15-БӨЛҮМ**

**Амалыктыктар менен болгон согуш**

1 Шемуел Шабулга мындай деди: «Теңир Өз эли Ысрайылдын үстүнөн сени падыша кылып майлоого мени жиберген. Эми Теңирдин үнүнө кулак сал.

2 Себайот Теңир мындай дейт: “Мен амалыктыктардын Ысрайылга эмне кылганын, ал Мисирден келе жатканда, жолдо ага кандай каршы чыкканын эстедим.

3 Эми бар да, амалыктыктарды талкала, анын эмнеси бар болсо, ошонусунун баарын жок кыл. Аны аяба, эркегинен аялына чейин, өспүрүмүнөн эмчектеги баласына чейин, өгүзүнөн коюна чейин, төөсүнөн эшегине чейин кырып сал”».

4 Шабул элди чогултуп, Телаимде санап чыкканда, ысрайылдыктардан эки жүз миң, Жүйүт уруусунан он миң жөө аскер болду.

5 Анан Шабул амалыктыктардын шаарына жетип, өрөөнгө буктурма койду.

6 Анан ал кейниликтерге мындай деди: «Мен силерди амалыктыктар менен кошо кырып салбашым үчүн, алардын арасынан бөлүнүп чыгып кеткиле, анткени силер ысрайылдыктарга Мисирден келе жатышканда жакшылык кылгансыңар». Ошондо кейниликтер амалыктыктардын арасынан бөлүнүп чыгышты.

7 Ошондо Шабул амалыктыктарды Хабиладан тартып Мисирдин алдындагы Шур аймагына чейин талкалады.

8 Амалыктыктардын падышасы Агакты тирүүлөй колго түшүрдү, ал эми бүт элди кылычтап кырды.

9 Бирок Шабул жана эл Агакты, эң жакшы койлор менен өгүздөрдү, бордолгон козуларды, бардык жакшы нерселерди жок кылууну каалашкан жок, начар жана эч нерсеге арзыбаган нерселерди гана жок кылышты.

**Теңирдин Шабулду четке кагышы**

10 Ошондо Шемуелге Теңирден мындай сөз болду:

11 «Мен Шабулду падыша кылып койгондугума өкүнүп жатам, анткени ал Менден бурулуп кетти, Менин сөзүмдү аткарган жок». Ошондо Шемуел кайгыга батып, түнү бою Теңирге сыйынды.

12 Шемуел эртең менен эрте туруп, Шабулга жолукканы жөнөдү. Шабулдун Кармелге чыгып, өзүнө эстелик тургузуп, Гилгалга түшкөнүн Шемуелге билдиришти.

13 Шемуел Шабулга келгенде, Шабул ага мындай деди: «Сага Теңир батасын берсин, мен Теңирдин сөзүн аткардым».

14 Шемуел ага: «Анда эмнеге мага койлордун маараганы, өгүздөрдүн өкүргөнү угулуп жатат?» – деди.

15 Шабул ага: «Буларды амалыктыктардан алып келишти, сенин Кудай-Теңириңе курмандыкка чалуу үчүн, эл эң мыкты койлор менен өгүздөрдү өлтүрүшкөн жок. Башкасын кырып салдык», – деп жооп берди.

16 Ошондо Шемуел Шабулга: «Коё тур, түндө Теңир мага эмне деп айтканын сага айтып берейин», – деди. Шабул ага: «Айт», – деди.

17 Шемуел мындай деди: «Ысрайыл урууларынын башчысы болгонуңда, Теңир сени падыша кылып майлаганда, сен өзүңдү кичинекей эле адаммын деп эсептечү эмес белең.

18 Теңир сени: “Бар, күнөөкөр амалыктыктарды кыйрат, аларды кырып жок кылгыча согуш”, – деп жөнөткөн.

19 Эмне үчүн сен Теңирдин тилин албай, олжого жутунуп, Теңирдин алдында жаман иш кылдың?»

20 Шабул Шемуелге мындай деп жооп берди: «Мен Теңирге тил алдым, Теңир жиберген жакка барып, амалыктыктардын падышасы Агакты алып келдим, амалыктыктарды болсо кырып салдым.

21 Бирок эл Гилгалда Кудай-Теңириңе курмандык чалуу үчүн, колго түшкөн олжонун, койлордун, өгүздөрдүн эң жакшыларын алды».

22 Шемуел мындай деди: «Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктар, башка курмандыктар кантип эле Теңирге тил алуудан артык болсун? Тил алуу курмандыктан артык, баш ийүү кочкорлордун майынан артык.

23 Анткени моюн сунбастык сыйкырчылыктай эле, каршы болуу бутка табынуучулуктай эле күнөө. Сен Теңирдин сөзүн четке каккандыктан, падыша болбошуң үчүн, Ал да сени четке какты».

24 Шабул Шемуелге: «Мен күнөө кылдым, анткени Теңирдин буйругун да, сенин сөзүңдү да аткарган жокмун, элден коркуп, алардын айтканын кылдым.

25 Эми менин күнөөмдү кечир, мени менен кайт, мен Теңирге табынайын», – деди.

26 Шемуел Шабулга: «Мен сени менен кайтпайм, анткени сен Теңирдин сөзүн четке кактың, Ысрайылга падыша болбошуң үчүн, Теңир да сени четке какты», – деди.

27 Анан Шемуел бурулуп, кетмекчи болду. Бирок Шабул аны этегинен кармаганда, этеги айрылып кетти.

28 Ошондо Шемуел мындай деди: «Теңир бүгүн сенден Ысрайыл падышачылыгын тартып алып, аны сенден жакшы жакыныңа берди.

29 Ысрайылдын Ишенимдүүсү жалган айтпайт, өкүнбөйт, анткени өкүнгүдөй, Ал адам эмес».

30 Шабул: «Мен күнөө кетирдим, бирок сенден суранам, бүгүн элимдин аксакалдарынын жана Ысрайылдын алдында мага урмат көрсөтүп, мени менен кайт, мен Кудай-Теңириңе табынайын», – деди.

31 Ошондо Шемуел Шабул менен кайтып келди. Шабул Теңирге табынды.

32 Андан кийин Шемуел: «Амалыктыктардын падышасы Агакты мага алып келгиле», – деди. Титиреген Агак Шемуелдин алдына келип: «Чын эле, өлүм ачуусу өтүп кеттиби?» – деди.

33 Бирок Шемуел: «Сенин кылычың аялдарды балдарынан кандай ажыратса, аялдар арасында сенин энең да уулунан ошондой ажырасын», – деди. Ошентип, Шемуел Агакты Теңирдин алдында, Гилгалда жара чапты.

34 Анан Шемуел Рамага кетти, Шабул болсо өзүнүн үйүнө, Шабулдун Гибасына кетти.

35 Шемуел көзү өткөнчө Шабул менен көрүшкөн жок, бирок Шемуел Шабул үчүн кайгырды, себеби Теңир Шабулду Ысрайылга падыша койгонуна өкүндү.

**16-БӨЛҮМ**

**Дөөттүн падыша болуп майланышы**

1 Теңир Шемуелге: «Ысрайылга падыша болбошу үчүн Мен четке каккан Шабул үчүн качанкыга чейин кайгырасың? Мүйүзүңдү зайтун майына толтургун да, баргын, Мен сени бейт-лехемдик Жышайга жиберем, анткени анын уулдарынын арасынан Мен Өзүм үчүн падыша тандадым», – деди.

2 Шемуел Ага: «Мен кантип барам? Шабул укса, мени өлтүрөт», – деди. Теңир мындай деди: «Бир кунажын ала барып: “Теңирге курмандык чалганы келдим”, – де.

3 Анан курмандык чалууга Жышайды чакыр. Мен сага эмне кылуу керектигин айтам, Мен сага кимди айтсам, ошону Мен үчүн зайтун майы менен майла».

4 Теңир кандай айтса, Шемуел ошондой кылды. Ал Бейт-Лехемге келгенде, алдынан чочулаган шаардын аксакалдары чыгып: «Тынчтык менен келдиңби?» – деп сурашты.

5 Ал: «Тынчтык менен, Теңирге курмандык чалганы келдим. Ыйыкталгыла да, курмандык чалууга мени менен кошо жүргүлө», – деп жооп берди. Жышайды жана анын уулдарын ыйыктап, курмандык чалууга чакырды.

6 Алар келгенде, ал Элийапты көрүп: «Чын эле, бул – Теңирдин алдындагы Анын майланган адамы!» – деди.

7 Бирок Теңир Шемуелге: «Анын өңүнө, боюна караба. Аны Мен четке кактым. Мен адам карагандай карабайм, анткени адам өңүнө карайт, ал эми Теңир жүрөгүнө карайт», – деди.

8 Анан Жышай Аминадапты чакырып, Шемуелдин алдына алып келди. Ошондо Шемуел: «Теңир муну да тандаган жок», – деди.

9 Анан Жышай Шаманы алып келди. Ошондо Шемуел: «Теңир муну да тандаган жок», – деди.

10 Ушинтип, Жышай Шемуелге өзүнүн жети уулун алып келди, бирок Шемуел Жышайга: «Теңир булардын эч кимисин тандаган жок», – деди.

11 Анан Шемуел Жышайдан: «Балдарыңдын баары бул жердеби?» – деп сурады. Жышай ага: «Дагы эң кичүүсү бар, ал кой кайтарып жүрөт», – деп жооп берди. Ошондо Шемуел Жышайга: «Киши жиберип, аны алдыр. Ал бул жерге келмейинче, биз тамакка отурбайбыз», – деди.

12 Жышай киши жиберип, аны алдырды. Ал кызыл жүздүү, көздөрү жайнаган, сүйкүмдүү жигит эле. Теңир Шемуелге: «Тур, ушуну майла, анткени ал – ушул», – деди.

13 Шемуел зайтун майы куюлган мүйүздү алып, бир туугандарынын ичинен аны майлады. Ошол күндөн тартып Теңирдин Руху Дөөт менен болду. Шемуел турду да, Рамага кетти.

**Дөөт Шабул падышанын сарайында**

14 Шабулду болсо Теңирдин Руху таштап салды, ошондо Теңир жол берген бир жаман рух аны кыйнады.

15 Ошондо Шабулга кулдары мындай дешти: «Мына, Теңир жол берген бир жаман рух сени кыйнап жатат.

16 Мырзабыз өзүнүн алдындагы кулдарына буйрук берсин, алар гуслини мыкты черткен кишини издеп таап келишсин. Кудай жол берген жаман рух келгенде, ал гусли чертип, сени тынчтандырат».

17 Шабул өз кулдарына: «Мага жакшы черткен кишини таап, алдыма алып келгиле», – деди.

18 Ошондо анын кулдарынын бири: «Мен бейт-лехемдик Жышайдын күү аспап черткенди билген, эр жүрөк, жоокер, орундуу сүйлөгөн, келишимдүү уулун көрдүм. Теңир да аны менен экен», – деди.

19 Шабул Жышайга кабарчыларды жиберип: «Кой кайтарып жүргөн уулуң Дөөттү мага жибер», – деди.

20 Жышай эшекке нан, бир чанач шарап, бир улак артып берип, Дөөттү Шабулга жөнөттү.

21 Дөөт Шабулга келип, анын алдында кызмат кылып жүрдү. Ага абдан жагып, анын курал көтөрүүчүсү болуп калды.

22 Шабул Жышайга киши жиберип: «Дөөт мага кызмат кылсын, анткени ал менин алдымда ырайым тапты», – деди.

23 Шабулга Кудайдан рух келгенде, Дөөт гуслини алып чертчү. Ошондо Шабулдун көңүлү көтөрүлүп, абалы жеңилдей түшчү, жаман рух андан четтеп кетчү.

**17-БӨЛҮМ**

**Голийаттын Ысрайылды согушка чакыруусу**

1 Пелиштиликтер согушуу үчүн аскерин жыйнап, Жүйүт аймагындагы Сохого чогулушту. Алардын кошууну Сохо менен Азейканын ортосуна, Эфес-Дамимге жайгашты.

2 Ал эми Шабул жана ысрайылдыктардын кошууну чогулуп, эмендүү өрөөнгө жайланышып, пелиштиликтер менен согушууга даярданды.

3 Пелиштиликтер бир тоонун үстүндө, ысрайылдыктар бир тоонун үстүндө турушту, ал эми алардын ортосунда өрөөн бар эле.

4 Пелишти кошуунунан гаттык Голийат аттуу жекеме-жеке чыгуучу балбан чыкты. Анын бою алты чыканак, бир карыш болчу.

5 Башында жез туулга, үстүндө кабырчыктуу соот кийим. Соотунун салмагы беш миң жез шекел.

6 Тизе каптары да, ийининдеги найзасы да жезден эле.

7 Анын найзасынын сабы токуучу куралдын баканындай болчу, ал эми найзасынын өзү алты жүз темир шекел. Анын алдында курал көтөргөн жигити жүрчү.

8 Ал туруп алып, Ысрайылдын аскер топторуна мындай деп кыйкырды: «Силер эмнеге согушууга чыктыңар? Мен пелиштилик, силер болсо Шабулдун кулдары эмессиңерби? Араңардан киши тандагыла, ал менин жаныма түшүп келсин.

9 Эгер ал мени менен согуша алса, мени өлтүрсө, анда биз силерге кул болобуз. Эгер мен аны өлтүрүп жеңсем, анда силер бизге кул болосуңар жана бизге кызмат кыласыңар».

10 Пелиштилик: «Бүгүн мен Ысрайылдын аскер топторун маскара кылам. Адамыңарды чыгаргыла, жекеме-жеке кармашалы», – деди.

11 Шабул менен бүт ысрайылдыктар пелиштиликтин бул сөзүн укканда, абдан коркуп үрөйлөрү учту.

**Дөөттүн Шабулдун аскерлерине келиши**

12 Дөөт болсо Жүйүт жериндеги Бейт-Лехемден чыккан, эфраталык, сегиз уулу бар Жышай аттуу кишинин баласы болчу. Ал киши Шабулдун убагындагы эркектердин эң карысы болгон.

13 Жышайдын үч улуу уулу Шабул менен согушка кетти. Согушка кеткен үч уулунун аттары: туну – Элийап, андан кийинкиси – Аминадап, үчүнчүсү – Шама.

14 Дөөт эң кичүүсү эле. Үч улуу агасы Шабул менен кеткен.

15 Дөөт болсо Бейт-Лехемде атасынын коюн кайтарыш үчүн, Шабулдукунан кайтып келген.

16 Тиги пелиштилик болсо кырк күн бою эртең менен да, кечинде да алдыга чыгып, өзүн көрсөттү.

17 Жышай өз уулу Дөөткө мындай деди: «Бир эйфа бадырак менен бул он нанды ал да, тезирээк кошуунга, агаларыңа алып бар.

18 Ал эми бул он сырды миң башыга алып барып, бир туугандарыңдын ден соолугун, эмнеге муктаж экенин бил.

19 Алар менен Шабул жана бүт ысрайылдыктар да эмендүү өрөөндө пелиштиликтер менен салгылашууга даярданып жатышат».

20 Дөөт эртең менен эрте туруп, койлорун сакчыга табыштап, жүгүн алып, Жышай буйруган жакка жөнөдү. Ал жүктүү арабалардын жанына жеткенде, аскерлер катарга тизилип, ураан чакыра салгылашка даярданып жатышкан эле.

21 Ысрайылдыктар менен пелиштиликтер бири-биринин каршысында катар-катар болуп тизилип турушту.

22 Дөөт арабалар тобунун күзөтчүсүнө жүгүн калтырып, тизилген катарларга чуркап жетти да, бир туугандарынын ден соолугун сурады.

23 Дөөт алар менен сүйлөшүп жатканда, Гаттан келген пелиштилик Голийат аттуу жекеме-жеке чыгуучу балбан пелиштиликтердин катарынан чыгып, баягы эле сөздөрдү айтып жатты. Аны Дөөт да укту.

24 Бүт ысрайылдыктар бул кишини көргөндө, абдан коркуп, андан качышчу.

25 Ысрайылдыктар: «Мына бул алдыга чыккан кишини көрдүңөрбү? Бул Ысрайылды маскара кылуу үчүн чыкты. Ким аны өлтүрсө, падыша ага чоң байлык тартуулап, кызын берип, Ысрайылда анын атасынын үйүн эркин кылмак», – дешти.

26 Дөөт жанында тургандарга: «Бул пелиштиликти өлтүрүп, Ысрайылды шылдыңдан куткарган адамга эмне кылат? Тирүү Кудайдын аскерин маскаралагыдай, сүннөткө отургузулбаган бул пелиштилик ким экен?» – деди.

27 Эл ага: «Аны өлтүргөн кишиге мына ушундай кылынат», – деп, жанагы эле сөздөрдү айтты.

28 Дөөттүн улуу агасы Элийап анын эл менен сүйлөшүп жатканын укканда, Дөөткө ачууланып: «Бул жерге эмнеге келдиң? Талаадагы бир аз койду кимге таштадың? Сенин текебер экениңди да, жүрөгүңдүн жаман экенин да билем. Сен салгылашты көргөнү эле келдиң», – деди.

29 Дөөт: «Мен эмне кылдым? Сүйлөшсө эмне экен?» – деди.

30 Дөөт андан бурулуп, жанагы сөздөрдү башкага айтты, эл ага мурдагыдай эле жооп берди.

31 Дөөттүн айткан сөзүн угуп, Шабулга айтышты. Шабул аны өзүнө чакыртты.

32 Дөөт Шабулга: «Андан коркуп, эч кимдин көңүлү чөкпөсүн. Бул пелиштилик менен кармашууга сенин кулуң чыгат», – деди.

33 Шабул Дөөткө: «Бул пелиштилик менен кармашууга сен бара албайсың, анткени сен али жашсың, тигил болсо жаштайынан жоокер», – деди.

34 Бирок Дөөт Шабулга: «Сенин кулуң атасынын коюн кайтарып жүргөндө, койлорго арстан же аюу тийип алып кеткенде,

35 артынан кууп барып, кол салып, анын оозунан сууруп алчумун. Эгер ал мага секирсе, мен аны желкесинен алып, кармашып жатып өлтүрчүмүн.

36 Сенин кулуң арстанды да, аюуну да өлтүргөн, тирүү Кудайдын аскерин шылдыңдагандыгы үчүн мына бул сүннөткө отургузулбаган пелиштиликти да дал ошондой кылат», – деди.

37 Дөөт дагы мындай деди: «Арстан менен аюудан куткарган Теңир мени бул пелиштиликтин колунан да куткарат». Ошондо Шабул Дөөткө: «Бар, Теңир Өзү сени менен болсун», – деди.

38 Шабул Дөөткө өзүнүн кийимин, башына туулга, үстүнө соот кийгизди.

39 Дөөт кийимдин сыртынан кылычын курчанып, басып көрдү, анткени ал мындай куралданууга көнгөн эмес эле. Анан Дөөт Шабулга: «Мен муну менен баса албайм, анткени көнгөн эмесмин», – деп, баарын чечип салды.

40 Анан Дөөт колуна таягын алып, арыктан беш жылмакай таш тандап алып, аларды жанындагы малчы баштыгына салды. Анан баштыгы жана колундагы салмоору менен пелиштиликке каршы алдыга чыкты.

**Дөөттүн Голийатты жеңиши**

41 Пелиштилик да алдыга чыгып, Дөөткө жакындады, алдында курал көтөрүүчүсү келе жатты.

42 Пелиштилик Дөөттү көргөндө, жекире карады, анткени Дөөт жаш, кызыл жүздүү жана келишимдүү жигит эле.

43 Анан пелиштилик Дөөткө: «Мага таяк көтөргүдөй, мен итминби?» – деди. Пелиштилик Дөөткө өзүнүн кудайларын оозанып каргыш айтты.

44 Пелиштилик Дөөткө: «Бери кел, сенин денеңди асман куштары менен талаа жырткычтарына салып берейин», – деди.

45 Дөөт болсо пелиштиликке мындай деп жооп берди: «Сен мага каршы найза, кылыч, калкан менен келе жатасың, мен болсо сага каршы өзүң шылдыңдаган Ысрайыл аскеринин Кудайынын, Себайот Теңирдин, атынан келе жатам.

46 Бүгүн Теңир сени менин колума салып берет, мен сени өлтүрүп, башыңды кесип, пелиштилик аскерлердин өлүктөрүн асман куштары менен жер жырткычтарына берем, ошондо бүт жер жүзү Ысрайылда Кудай бар экенин билет.

47 Ошондо бул жерге чогулгандардын баары Теңирдин кылычсыз, найзасыз куткарарын билет, анткени бул – Теңирдин согушу. Ал силерди биздин колубузга салып берет».

48 Пелиштилик туруп, Дөөттү карай басканда, Дөөт катарды көздөй тез жүгүрүп, анын алдынан чыкты.

49 Дөөт баштыктан таш алып, салмоорго салып, пелиштиликти маңдайга соккондо, таш анын чекесине батып кетти, ал бети менен жерге жыгылды.

50 Ошентип, Дөөт салмоор жана таш менен пелиштиликти жеңди, ал пелиштиликти өлтүрдү. Дөөттүн колунда кылыч жок эле.

51 Ошондо Дөөт чуркап барып, пелиштиликтин үстүнө бутун коюп, анын кылычын кынынан сууруп алып, анын башын кыя чапты. Пелиштиликтер балбанынын өлгөнүн көрүп, качып жөнөштү.

52 Ысрайыл менен Жүйүт аймагынын эркектери жапырт көтөрүлүп, ураан чакырышып, пелиштиликтерди Гатка киргенче, Экрондун дарбазасына чейин кууп барышты. Пелиштиликтер Шаарайым жолунда Гат менен Экронго чейин сулап жатышты.

53 Ысрайыл уулдары пелиштиликтерди кууп барып, кайра кайтып келишкенден кийин, алардын кошуунун талап-тоношту.

54 Дөөт пелиштиликтин башын алып, аны Иерусалимге алып барды, ал эми анын куралын өзүнүн чатырына койду.

55 Шабул Дөөттүн пелиштиликке каршы чыкканын көргөндө, аскер башчысы Абенерден мындай деп сурады: «Абенер! Бул жаш жигит кимдин уулу?» Абенер ага: «Сенин өмүрүң менен ант берем, падышам, мен билбейм», – деп жооп берди.

56 Падыша ага: «Бул жаш жигит кимдин уулу экенин сура», – деди.

57 Дөөт пелиштиликти өлтүрүп кайткандан кийин, Абенер аны Шабулга алып келди. Пелиштиликтин башы Дөөттүн колунда эле.

58 Шабул андан: «Жаш жигит, сен кимдин уулусуң?» – деп сурады. Дөөт: «Бейт-Лехемдик кулуң Жышайдын уулумун», – деп жооп берди.

**18-БӨЛҮМ**

1 Дөөт Шабул менен сүйлөшүп бүткөндө, Жонатан Дөөткө жүрөгү менен тартылып, аны жанындай жакшы көрүп калды.

2 Ал күнү Шабул аны алып калды, атасынын үйүнө кайтууга уруксат берген жок.

3 Жонатан Дөөт менен дос болууга шерттешти, анткени аны жанындай жакшы көрүп калды.

4 Жонатан үстүндөгү кийимин чечип, Дөөткө берди. Дагы башка кийимдерин, кылычын, жаасын жана курун берди.

5 Шабул кайда жибербесин, Дөөт бардык жерде акылмандык менен иш кылды, ошондуктан Шабул аны аскерлерге башчы кылды. Бул бүт элге жана Шабулдун кулдарына жакты.

**Шабулдун көрө албастыгы**

6 Дөөт пелиштиликти жеңип келгенден кийин, алар келе жатышканда, Ысрайылдын бардык шаарларынан аялдар ырдап, бийлеп, дап жана жез табак кагып, Шабулду салтанат менен тосуп чыгышты.

7 Ырдап-бийлеп келе жаткан аялдар: «Шабул миңди жеңди, Дөөт болсо он миңди жеңди!» – дешти.

8 Ошондо Шабулдун ачуусу келди, ага бул сөз жаккан жок. Ал: «Дөөткө он миңди, мага миңди беришти. Ага падышачылык гана жетишпейт», – деди.

9 Ошол күндөн тартып Шабул Дөөттү жек көрө баштады.

10 Эртеси күнү мындай болду: Шабулга Теңир жол берген жаман рух келди, ошондо ал өз үйүндө жинденди. Дөөт болсо мурункудай эле кыл аспап чертип отурган. Шабулдун колунда найза бар эле.

11 Дөөттү дубалга кадап салам деп ойлоп, Шабул ага найзасын ыргытты. Бирок Дөөт андан эки жолу буйтап кетти.

12 Шабул Дөөттөн корко баштады, себеби Теңир Дөөт менен эле, Шабулду болсо таштап койгон.

13 Шабул аны өзүнөн алыстатып, өзүнө миң башы кылып дайындады. Ошентип, Дөөт эл алдында аларды баштап жүрдү.

14 Дөөт өзүнүн бардык иштерин акылмандуулук менен кылчу, Теңир аны менен эле.

15 Шабул анын абдан акылдуулугун көрүп, андан коркчу болду.

16 Бүт Ысрайыл менен Жүйүт эли болсо Дөөттү жакшы көрүшчү, анткени Дөөт аларды баштап жүрдү.

17 Шабул Дөөткө: «Бул – менин улуу кызым Мейрап. Мен аны сага аялдыкка берем, сен менин эр жүрөк жоокерим болуп, Теңирдин согуштарын жүргүзүп турсаң эле болду», – деди. Анткени Шабул: «Ал менин колумдан эмес, пелиштиликтердин колунан өлсүн», – деп ойлоду.

18 Бирок Дөөт Шабулга: «Падышага күйөө бала болгудай мен киммин, менин өмүрүм эмне болуп калыптыр, Ысрайылда атамдын уруусу ким болуп калыптыр?» – деди.

19 Бирок Шабулдун кызы Мейрапты Дөөткө бере турган маал келгенде, ал мехолалык Адриелге аялдыкка берилген эле.

20 Бирок Дөөттү Шабулдун дагы бир кызы Михал сүйүп калды. Бул жөнүндө Шабулга билдиришти, бул ага жагып калды.

21 Шабул: «Муну ага берейин, ал ага кылтак болот, ал пелиштиликтердин колунан өлөт», – деп ойлоду. Шабул Дөөткө: «Сен эми мага башка кызым аркылуу күйөө бала болосуң», – деди.

22 Анан Шабул өз кулдарына: «Дөөткө: “Сен падышага жагып калдың, сени анын бүт кулдары да жакшы көрүшөт, андыктан падышага күйөө бала бол”, – деп жашыруун айткыла», – деп буйрук кылды.

23 Бул сөздүн баарын Шабулдун кулдары Дөөткө айтышты. Дөөт: «Падышага күйөө бала болууну силер оңой деп ойлоп турасыңарбы? Мен жакыр, жек көрүндү адаммын», – деди.

24 Шабулга кулдары Дөөттүн ушул сөздөрүн жеткирип барышты.

25 Шабул: «Дөөткө мындай дегиле: Падыша кыздын калыңын каалабайт, бирок падышанын душмандарынан өч алып, пелиштиликтерден жүз кишинин сүннөтүн кесип келсин», – деди. Анткени Шабул Дөөттү пелиштиликтердин колу менен жок кылам деп ойлоду.

26 Кулдары бул сөздөрдү Дөөткө айтып барышты, падышанын күйөө баласы болуу Дөөткө жагып калды.

27 Белгиленген күндөр бүтө электе, падышага күйөө бала болуу үчүн, Дөөт турду да, өз кишилери менен барып, пелиштиликтердин эки жүз кишисин өлтүрүп, алардын сүннөтүн кесип келип, падышага толук тапшырды. Шабул кызы Михалды ага күйөөгө берди.

28 Шабул Теңирдин Дөөт менен экенин жана Михалдын Дөөттү сүйөрүн көрдү, билди.

29 Ошондо ал Дөөттөн мурдагыдан да аябай коркуп, ага өмүр бою душман болуп калды.

30 Пелиштиликтердин аскер башчылары согушууга чыкканда, согуштун башынан аягына чейин Дөөт Шабулдун бүт кулдарына караганда туура иш кылчу. Ошондуктан анын ысымы абдан даңкталды.

**19-БӨЛҮМ**

**Шабулдун Дөөттү куугунтукка алышы**

1 Дөөттү өлтүрүү керектиги жөнүндө Шабул өз уулу Жонатанга жана бүт кулдарына айтты. Бирок Шабулдун уулу Жонатан Дөөттү абдан жакшы көрчү.

2 Ошондо Жонатан Дөөткө: «Менин атам Шабул сени өлтүрмөкчү болуп жатат. Ошондуктан эртең сак бол, жашын, киши билгис жерде бол.

3 Мен болсо атамдын жанында, сен жашынган талаада болом, сен жөнүндө атам менен сүйлөшөм, эмнени көрсөм, ошону сага айтып берем», – деп билдирди.

4 Жонатан Дөөт жөнүндө атасы Шабулга жакшы сөздөрдү айтты, ага мындай деди: «Падыша өз кулу Дөөткө каршы күнөө кылбаса экен, анткени ал сага каршы эч кандай күнөө кылган жок, анын иштери сен үчүн абдан пайдалуу.

5 Ал пелиштиликти өлтүрүш үчүн, өз өмүрүн коркунучка салды, Теңир бүт Ысрайылга улуу куткарылуу берди. Аны сен өз көзүң менен көрүп кубанбадың беле. Эмне үчүн сен жазыксыз кан төгүп, Дөөттү себепсиз эле өлтүргүң келип жатат?»

6 Шабул Жонатандын тилин алып: «Теңир тирүү, Дөөт өлбөйт», – деп ант берди.

7 Жонатан Дөөттү чакырып, ага ушул сөздөрдүн баарын айтып берди, анан Дөөттү Шабулга алып келди. Дөөт мурункудай эле падышанын жанында болду.

8 Кайрадан согуш башталып, Дөөт чыгып, пелиштиликтер менен согушту, аларды катуу кыйратты, алар андан качышты.

9 Шабул колуна найзасын кармап, үйүндө отурганда, анын үстүнө Кудай жол берген жаман рух түштү. Дөөт болсо кыл аспап чертип отурган.

10 Шабул Дөөттү дубалга найза менен кадап салгысы келгенде, Дөөт Шабулдан буйтап кетти, ошондо найза дубалга кадалды. Дөөт болсо ошол түнү качып кетип, аман калды.

11 Шабул Дөөттү кайтарып, таң атканда өлтүрүш үчүн, анын үйүнө өзүнүн кулдарын жиберди. Дөөткө аялы Михал мындай деди: «Эгерде ушул түнү жаныңды сактап калбасаң, анда эртең сени өлтүрүшөт».

12 Ошентип, Михал Дөөттү терезеден түшүрүп жиберди. Ал качып кутулду.

13 Михал болсо айкелди алып, төшөккө жаткырды, анын баш жагына эчкинин терисин коюп, кийим менен жаап койду.

14 Шабул Дөөттү алдырганы кулдарын жиберди, бирок Михал: «Ал ооруп жатат», – деди.

15 Шабул кулдарын Дөөттү карап келүүгө жиберип жатып: «Аны мага төшөгү менен алып келгиле, мен аны өлтүрөм», – деди.

16 Кулдары келип, төшөктөгү айкелди, анын баш жагына коюлган эчкинин терисин көрүштү.

17 Ошондо Шабул Михалга мындай деп айтты: «Сен мени эмне үчүн ушинтип алдадың? Эмне үчүн душманымды качырып жибердиң?» Михал Шабулга мындай деп жооп берди: «Ал мага: “Мени коё бер, болбосо сени өлтүрөм”, – деди».

18 Дөөт качып кутулуп, Рамага, Шемуелге келди да, Шабулдун кылганынын баарын айтып берди. Анан ал Шемуел менен кетти, алар Найотко келип токтошту.

19 Шабулга: «Дөөт Найотто, Рамада», – деп билдиришти.

20 Шабул Дөөттү алдырууга кулдарын жиберди. Пайгамбарчылык кылып жаткан пайгамбарлар тобун, аларга жетекчилик кылган Шемуелди көрүшкөндө, Шабулдун кулдарына Кудайдын Руху түштү. Ошондо алар да пайгамбарчылык кыла башташты.

21 Бул жөнүндө Шабулга билдиришти. Ал башка кулдарын жөнөттү, бирок алар да пайгамбарчылык кыла башташты. Ошондо Шабул үчүнчү ирет башка кулдарын жиберди, алар да пайгамбарчылык кыла башташты.

22 Шабул Рамага өзү жөнөп, Сейихтеги чоң булакка жеткенде: «Шемуел менен Дөөт кайда?» – деп сурады. Ага: «Найотто, Рамада», – деп жооп беришти.

23 Ал Найотко, Рамага жөнөдү, ошондо ага Кудайдын Руху түштү. Ал Рамадагы Найотко жеткиче пайгамбарчылык кылып жүрүп отурду.

24 Ал да кийимин чечип салып, Шемуелдин алдында пайгамбарчылык кылып, ошол күнү, ошол түнү жылаңач жатты. Ошондон улам «Шабул да пайгамбар болуп калганбы?» деген сөз айтылып калган.

**20-БӨЛҮМ**

**Жонатан жана Дөөт**

1 Дөөт Рамадагы Найоттон качып кетти да, Жонатанга келип мындай деди: «Мен эмне кылдым, айыбым кайсы, мени өлтүргүдөй, атаңдын алдында кандай күнөөм бар?»

2 Жонатан ага мындай деди: «Жок, сен өлбөйсүң. Атам мага айтпай, кичине да, чоң да иш кылбайт. Атам бул ишти менден эмнеге жашырмак эле? Мындай болбойт».

3 Дөөт мындай деп ант берди: «Сенин алдыңда ырайым тапканымды атаң жакшы билет, ошондуктан ал өзүнчө: "Бул жөнүндө Жонатан билбесин, себеби капа болот", – деп ойлосо керек. Бирок Теңир тирүү, сенин жаның аман! Мени менен өлүмдүн ортосунда бир эле кадам бар».

4 Жонатан Дөөткө: «Мен сен үчүн каалаганыңдын баарын кылам», – деди.

5 Дөөт Жонатанга мындай деди: «Эртең ай жаңырган күн, мен падыша менен дасторкондо бирге отурушум керек, бирок сен мени коё бер, мен бүрсүгүнү кечке чейин талаада жашына турайын.

6 Эгер атаң мен жөнүндө сураса, "Дөөт менден суранып, өзүнүн Бейт-Лехем шаарына барып келгени кетти. Ал жакта анын бардык туугандары жыл сайын чалынуучу курмандык чалышат экен" де.

7 Эгер ал буга: "Жакшы", – десе, анда сенин кулуңа тынчтык. Эгерде ал ачууланса, анда анын жамандык кылууну чечип койгонун бил.

8 Сен болсо кулуңа ырайым кыл, анткени сен кулуң менен Теңирдин алдында келишим түзгөнсүң. Эгер менде күнөө болсо, анда мени өзүң өлтүр. Мени атаңа алып барып эмне кыласың?»

9 Жонатан: «Эч качан мындай болбойт, атамдын сага жамандык кыларын анык билсем, ал жөнүндө сага кантип айтпай коёюн», – деди.

10 Дөөт Жонатанга: «Эгер атаң сага каарданып жооп берсе, мага ким кабарлайт?» – деди.

11 Жонатан Дөөткө: «Жүр, талаага чыгалы», – деди. Экөө талаага чыгышты.

12 Жонатан Дөөткө мындай деди: «Ысрайылдын Кудай-Теңири тирүү! Мен эртең ушул убакта, же бүрсүгүнү атамдан оюн билем. Эгерде анын сага болгон ниети жакшы болсо, анда мен сага кантип киши жибербей коёюн, кантип айтпай коёюн.

13 Эгер мен мындай кылбасам, Теңир Жонатанга эмне кылам десе, ошону кылсын, андан да жаман кылсын. Эгер атам сага жамандык кылууну ойлоп жаткан болсо, сага билдирем, сени коё берем, ошондо тынчтык менен кете бересиң. Теңир менин атам менен болгондой эле, сени менен да болсун!

14 Эгер мен тирүү болсом, сен да мени Теңирдин ырайымынан ажыратпа.

15 Эгер мен өлүп калсам, Теңир сенин душмандарыңдын баарын жер бетинен жок кылганда да, менин тукумумду ырайымыңдан эч качан ажыратпа».

16 Жонатан ушинтип Дөөттүн тукуму менен келишим түздү. Ал: «Теңир Дөөттүн душмандарынын жазасын берсин!» – деди.

17 Жонатан Дөөттү жакшы көргөндүктөн, дагы ант берди, анткени аны жанындай жакшы көрчү.

18 Жонатан Дөөткө мындай деди: «Эртең, жаңырган ай күнү, сени сурашат, анткени сенин ордуң бош болот.

19 Ошондуктан үчүнчү күнү мурда жашынган жериңе түш да, Азел ташынын жанында күтүп отур.

20 Бутага жаа тарткандай, мен ошол жакка үч жаа тартам.

21 Анан жаш уланды: "Барып, жебелерди таап кел", – деп жөнөтөм. Эгер мен уланга: "Жебелер сенин артыңда, аларды ал", – десем, анда мага келе бер, анткени сага тынчтык, Теңир тирүү, эч коркунуч жок.

22 Эгерде уланга: "Жебелер сенин алдыңда жатат", – десем, анда сен кете бер, анткени сени Теңир коё берип жатат.

23 Ал эми экөөбүздүн сүйлөшкөн сөзүбүзгө, экөөбүздүн ортобузга Теңир түбөлүккө күбө».

24 Дөөт талаага жашырынды. Ай жаңырып, падыша тамактанганы отурду.

25 Адаттагыдай эле падыша өз ордуна, дубалдын жанындагы отургучка отурду, Жонатан туруп турду, Абенер Шабулдун жанына отурду, ал эми Дөөттүн орду бош калды.

26 Ал күнү Шабул эч нерсе деген жок, анткени ал: «Дөөткө бир нерсе болуп, таза эмес болсо керек, ал тазалана элек го», – деп ойлоду.

27 Жаңырган айдын экинчи күнү Дөөттүн орду дагы бош калды. Ошондо Шабул өз уулу Жонатандан: «Эмне үчүн Жышайдын уулу Дөөт кечээ да, бүгүн да тамакка келген жок?» – деп сурады.

28 Жонатан Шабулга: «Дөөт менден Бейт-Лехемге суранып кетти.

29 Ал: "Мени коё бер, анткени биздин шаарыбызда бир туугандарыбыз менен курмандык чалмакпыз, мени бир тууганым чакырган. Эгерде мен сенин алдыңда ырайым тапкан болсом, барып, бир туугандарым менен көрүшүп келейин", – деген. Ошондуктан ал падышанын тамагына келген жок», – деп жооп берди.

30 Ошондо Шабул Жонатанга абдан ачууланып: «Оңбогон ээн баш уул! Өзүңдү да, энеңди да маскара кылып, Жышайдын уулу менен дос болуп жүргөнүңдү мени билбейт дейсиңби?

31 Анткени жер үстүндө Жышайдын уулу тирүү турганда, сен да, сенин падышачылыгың да туруштук бере албайт. Азыр киши жиберип, аны алып кел, анткени ал өлүшү керек», – деди.

32 Жонатан атасы Шабулга: «Аны эмнеге өлтүргөнү жатасың? Ал эмне кылды?» – деди.

33 Шабул аны сайып өлтүрүш үчүн, найзасын ыргытты. Ошондо атасынын Дөөттү өлтүрүүнү чечкенине Жонатандын көзү жетти.

34 Жонатан аябай ачууланып туруп кетти, ал жаңырган айдын экинчи күнү тамак жеген жок, себеби Дөөт үчүн кайгырды жана атасы аны таарынтып койду.

35 Эртеси эртең менен, Дөөткө айтылган убакта жаш уланды алып, Жонатан талаага чыкты.

36 Анан ал уланга: «Чурка, мен тарткан жебелерди издеп таап кел», – деди. Улан чуркап жөнөдү, ал жебелерди уландын алды жагына түшкүдөй кылып атты.

37 Жонатан аткан жебелер жакка улан чуркап кеткенде, ал анын артынан: «Кара, жебе алды жагыңда жатат», – деп кыйкырды.

38 Жонатан уландын артынан дагы кыйкырды: «Бол, тез чурка, токтобо». Улан Жонатандын жебелерин чогултуп алып, өз мырзасына келди.

39 Жаш улан эч нерсе билген жок, Жонатан менен Дөөт гана эмне болгонун билишти.

40 Анан Жонатан жанындагы уланга куралын берип: «Бар, шаарга алып бар», – деди.

41 Жаш улан кетти. Дөөт түштүк тараптан туруп келди да, жүзтөмөндөп жыгылып, үч ирет таазим кылды. Алар бири-бирин өөп, чогуу ыйлашты, Дөөт көбүрөөк ыйлады.

42 Анан Жонатан Дөөткө мындай деди: «Тынчтык менен бара бер. "Теңир экөөбүздүн ортобузда болсун, менин тукумум менен сенин тукумуңдун ортосунда болсун", – деп, Теңирдин ысымы менен берген антыбыз түбөлүккө калсын!»

43 Дөөт туруп, жөнөп кетти, Жонатан болсо шаарга кайтты.

**21-БӨЛҮМ**

**Дөөттүн качышы**

1 Дөөт Нопко, ыйык кызмат кылуучу Акимелекке келди. Акимелек коркуп, Дөөттүн алдынан чыгып: «Эмне үчүн жалгызсың? Эмне үчүн жаныңда эч ким жок?» – деп сурады.

2 Дөөт ыйык кызмат кылуучу Акимелекке мындай деди: «Мага падыша тапшырма берип: "Сени эмне үчүн жибергенимди, кандай тапшырма бергенимди эч ким билбесин", – деген. Ошондуктан кишилерди белгилүү жерге калтырдым.

3 Азыр колуңда эмне бар, беш нан болобу, башка нерсе болобу, бер».

4 Ыйык кызмат кылуучу Дөөткө: «Жөнөкөй нан колумда жок, ыйык нан бар, бирок кишилериң аялдарга жакындаган жок беле?» – деди.

5 Дөөт ыйык кызмат кылуучуга: «Мен чыккан күндөн бери биздин жаныбызда аял аттуу болгон жок, уландардын идиштери да таза. Эгер жолубуз таза эмес болсо, идиштеги наныбыз таза калат», – деп жооп берди.

6 Ошондо ыйык кызмат кылуучу ага ыйык нандан берди, анткени анда нан курмандыгынан башка нан жок болчу. Алар Теңирдин алдынан алынган нандар эле, ал нандар алынгандан кийин ордуна жаңы бышырылган нандар коюлчу.

7 Ошол жерде ошол күнү Шабулдун кулдарынын бири, кулдарынын башчысы, эдомдук Дойек Теңирдин алдында турган эле.

8 Дөөт Акимелекке: «Бул жерде сенде кылыч же найза барбы? Падышанын тапшырмасы шашылыш болгондуктан, жаныма кылыч да, башка курал да алган эмесмин», – деди.

9 Ыйык кызмат кылуучу: «Эмендүү өрөөндө сен өлтүргөн пелиштилик Голийаттын кылычы бар, кийимге оролуп, эфоддун артында турат. Кааласаң, ошону ал, бул жерде андан башка эч нерсе жок», – деди. Дөөт ага: «Ага тең келе турган кылыч жок, мага ошону бер», – деди.

10 Дөөт турду да, ошол эле күнү Шабулдан качып, Гат падышасы Акишке келди.

11 Кулдары Акишке: «Тигил өлкөнүн падышасы Дөөт ушул да! Аны тегеректеп: "Шабул миңди жеңди, Дөөт болсо он миңди жеңди", – деп ырдашпады беле!» – деп айтышты.

12 Дөөт бул сөздөрдү көңүлүнө алып, Гат падышасы Акиштен абдан коркуп кетти.

13 Алардын алдында кебетесин бузуп, келесоо болумуш болуп, эшикти чийгилеп, сакалынан шилекейин куюлтту.

14 Ошондо Акиш кулдарына мындай деди: «Мунун акылынан айныган адам экенин көрүп турбайсыңарбы. Муну мага эмнеге алып келдиңер?

15 Менде акылынан айныган адамдар азбы? Муну эмнеге алып келдиңер? Менин алдымда келесоолонсун дедиңерби? Эмне, бул менин үйүмө киреби?»

**22-БӨЛҮМ**

**Ыйык кызмат кылуучулардын өлтүрүлүшү**

1 Дөөт ал жерден чыгып, Адулам үңкүрүнө жашырынды. Атасы, бир туугандары угуп, ошол жакка келишти.

2 Анын жанына кысымга алынгандар, карызга баткандар, кайгыга чөккөндөр чогулушту, аларга ал башчы болду. Анын жанында төрт жүзгө жакын адам бар эле.

3 Дөөт ал жерден чыгып, Мааптын Миспа деген жерине барып, Маап падышасына: «Кудай мени эмне кыларын билгиче, атам менен энем силердикинде тура турсун», – деди.

4 Анан Дөөт аларды Маап падышасына алып келди. Дөөт ал жерде жашырынып жүргөн учурда алар аныкында жашашты.

5 Бирок Гат деген пайгамбар Дөөткө: «Бул жерде калба. Жүйүт жерине кет», – деди. Дөөт жолго чыгып, Херет токоюна келди.

6 Шабул Дөөттүн жана анын жанындагы кишилердин келгенин укту. Ошол убакта Шабул колуна найза кармап, Гибадагы тоодо, эмендин түбүндө отурган. Кулдарынын баары аны тегеректеп турушкан.

7 Шабул өзүн тегеректеп турган кулдарына мындай деди: «Бенжемин уулдары, уккула. Жышайдын уулу силерге талааларды, жүзүмзарларды бермек беле, силерди миң башы, жүз башы коймок беле.

8 Эмнеге силер баарыңар сүйлөшүп алып, эч кимиңер мага менин уулумдун Жышайдын уулу менен достошконун айткан жоксуңар? Эмне үчүн мени эч кимиңер аяган жоксуңар? Өз уулумдун кулумду мага каршы тузак коюуга тукурганын эмнеге айткан жоксуңар?»

9 Ошондо Шабулдун кулдары менен турган эдомдук Дойек мындай деп жооп берди: «Жышайдын уулунун Нопко, Акитуптун уулу Акимелекке келгенин көргөм,

10 ал Дөөт үчүн Теңирге сыйынып, ага тамак-аш жана пелиштилик Голийаттын кылычын берген».

11 Падыша ыйык кызмат кылуучу Акитуп уулу Акимелекти, анын атасынын бүт тукумун, Ноптогу ыйык кызмат кылуучуларды чакыртканы киши жиберди. Алардын баары падышага келишти.

12 Шабул мындай деди: «Акитуп уулу, уккун». Тиги: «Мен угуп жатам, мырзам», – деп жооп берди.

13 Шабул ага мындай деди: «Эмне үчүн Жышайдын уулу экөөңөр мага каршы сүйлөшүп алдыңар? Бүгүн билингендей, ал мага каршы чыгып, тузак коюшу үчүн, сен эмне үчүн ага нан, кылыч бердиң? Эмнеге ал үчүн Кудайга сыйындың?»

14 Акимелек падышага мындай деп жооп берди: «Бардык кулдарыңдын ичинен Дөөттөй ишенимдүү ким бар? Ал – падышанын күйөө баласы, буйруктарыңды аткаруучу, үйүңдөгү кадырлуу адам.

15 Ал үчүн мен Кудайга бүгүн биринчи жолу сыйынып жатыптырмынбы? Жок, падыша, бул үчүн кулуңду жана атамдын тукумун күнөөлөбө, анткени кулуң бул иштин эч нерсесин билбейт».

16 Падыша ага: «Сен өлүшүң керек, Акимелек, сен да, атаңдын бүт тукуму да өлүшү керек», – деди.

17 Анан падыша өзүнүн жанында турган сакчыларга: «Баргыла, Теңирдин ыйык кызмат кылуучуларын өлтүргүлө, анткени алар Дөөт менен бир, алар анын качып кеткенин билип туруп, мага айтышкан эмес», – деди. Бирок падышанын кулдары Теңирдин ыйык кызмат кылуучуларын өлтүрүүнү каалашкан жок.

18 Ошондо падыша Дойекке: «Сен бар да, ыйык кызмат кылуучуларды өлтүр», – деди. Эдомдук Дойек барды да, ыйык кызмат кылуучуларды кырып салды. Ошол күнү зыгыр буласынан токулган эфод кийген сексен беш эркекти өлтүрдү.

19 Ал ыйык кызмат кылуучулардын шаары Нопту кылыч менен кыйратты, эркектер менен аялдарды, өспүрүмдөр менен эмчектеги балдарды, өгүздөрдү, эшектерди, койлорду кылыч менен өлтүрдү.

20 Жалгыз гана Акитуптун уулу Акимелектин уулу Абыйатар аман калып, Дөөткө качып барды.

21 Абыйатар Дөөткө Шабулдун Теңирдин ыйык кызмат кылуучуларын өлтүргөнүн айтып берди.

22 Дөөт Абыйатарга мындай деди: «Ошол күнү мен эдомдук Дойекти ошол жерден көргөм. Анын сөзсүз Шабулга жеткирип барарын билгем. Сенин атаңдын тукумунун ар бир кишиси үчүн мен айыптуумун.

23 Менин жанымда кал, коркпо, анткени мени өлтүрмөкчү болгон адам сени да өлтүрөт. Сен менин жанымда коопсуз болосуң».

**23-БӨЛҮМ**

**Дөөттүн Кеила шаарын сактап калышы**

1 Дөөткө: «Пелиштиликтер Кеилага кол салып, кырмандарды талап жатышат», – деп билдиришти.

2 Ошондо Дөөт Теңирге кайрылып: «Барайынбы, бул пелиштиликтерди талкалай аламбы?» – деп сурады. Теңир Дөөткө: «Бар, сен пелиштиликтерди талкалайсың, Кеиланы куткарасың», – деп жооп берди.

3 Бирок Дөөттүн жанындагылар ага: «Жүйүт аймагында эле коркуп турабыз, анан кантип Кеилага, пелиштиликтердин аскерине каршы барабыз?» – дешти.

4 Ошондо Дөөт Теңирден кайра сурады. Теңир ага: «Тур, Кеилага бар, анткени Мен пелиштиликтерди сенин колуңа салып берем», – деп жооп берди.

5 Дөөт өз кишилери менен Кеилага жөнөдү. Пелиштиликтер менен согушуп, алардын малын айдап кетти, аларга чоң бүлгүн салды. Ошентип, Дөөт Кеиланын тургундарын куткарды.

6 Акимелектин уулу Абыйатар Дөөткө келип, аны менен Кеилага барганда, эфодду да ала барган.

7 Дөөттүн Кеилага келгенин Шабулга билдиришти. Ошондо Шабул: «Аны Кудай менин колума салып берди, анткени ал дарбазалуу, кулпулуу шаарга кирип, өзүн өзү бекитти», – деди.

8 Кеилага барып, Дөөттү жана анын кишилерин курчоо үчүн, Шабул бүткүл элди согушка чакырды.

9 Дөөт Шабулдун жамандык ойлогонун билгенде, ыйык кызмат кылуучу Абыйатарга: «Эфодду алып кел», – деди.

10 Анан Дөөт Теңирге мындай деп кайрылды: «Теңир, Ысрайылдын Кудайы! Шабул Кеилага келип, мен үчүн шаарды талкаларын кулуң укту.

11 Кеиланын тургундары мени анын колуна салып береби? Сенин кулуң уккандай, Шабул бул жакка келеби? Ысрайылдын Кудай-Теңири! Өз кулуңа ачып бер». Теңир: «Келет», – деп жооп берди.

12 Дөөт: «Кеиланын тургундары мени жана менин кишилеримди Шабулдун колуна салып беришеби?» – деп сурады. Теңир: «Салып беришет», – деп жооп берди.

13 Ошондо Дөөт өзүнүн алты жүзгө жакын кишиси менен Кеиладан чыгып, бир жерден бир жерге көчүп жүрдү. Дөөт Кеиладан качып кетти деп, Шабулга билдиришкенде, ал жүрүшүн токтотту.

**Дөөт Зуп чөлүндө**

14 Дөөт болсо адам жүрбөгөн ээн талаада, андан соң Зуп ээн талаасындагы тоодо жүрдү. Шабул аны күн сайын издеди, бирок Кудай Дөөттү анын колуна салып берген жок.

15 Шабулдун өлтүргөнү чыкканын Дөөт билди. Дөөт болсо Зуп ээн талаасындагы токойдо болчу.

16 Шабулдун уулу Жонатан Дөөткө, токойго келип, анын Кудайга болгон ишенимин бекемдеди.

17 Жонатан ага: «Коркпо, атам Шабул сага эч нерсе кыла албайт, сен Ысрайылга падыша болосуң, а мен сенден кийинки экинчи адам болом, муну атам Шабул билет», – деди.

18 Алар Теңир алдында келишим түзүштү. Дөөт токойдо калды, Жонатан болсо үйүнө кетти.

19 Зуптуктар Гибага, Шабулга келип, мындай дешти: «Дөөт биздин жерде, Жешимондун оң жагындагы Хахил дөңсөөсүндө, токойдун киши бара алгыс жеринде жашырынып жүрөт.

20 Эми падышам, кааласаң, ошол жакка бар. Ал эми аны падышанын колуна салып берүү – биздин иш».

21 Шабул аларга: «Мага боор ооруганыңар үчүн, силерге Теңир батасын берсин.

22 Баргыла да, кайрадан карап көргүлө, анын кайсы жерде экенин чалгындап билгиле, аны ал жерден ким көргөнүн сураштыргыла, анткени мага анын аябай амалдуу экенин айтып жатышат.

23 Карап чыккыла, ал жашынган бардык жерлерди чалгындап билип, мага ишенимдүү кабар менен кайтып келгиле, ошондо мен силер менен барам. Эгер ал ушул жерде болсо, мен аны миңдеген жүйүттөрдүн арасынан болсо да издеп табам», – деди.

24 Алар туруп, Шабулдан мурун Зупка кетишти. Дөөт болсо өз кишилери менен Жешимондун оң тарабындагы түздүктө, Маон чөлүндө эле.

25 Шабул өз кишилери менен аны издеп чыкты. Бирок бул жөнүндө Дөөткө билдиришкенде, ал Маон чөлүндөгү аскага жашынды. Шабул муну укканда, Дөөттүн артынан Маон чөлүнө жөнөдү.

26 Шабул тоонун бир жак бети менен келе жатты, Дөөт болсо өз кишилери менен тоонун берки бетинде келе жатты. Дөөт Шабулдан качууга шашылып жатты, Шабул болсо өз кишилери менен Дөөттү жана анын кишилерин курчап алып колго түшүрүү үчүн келе жатты.

27 Ошол учурда Шабулга кабарчы келип: «Шашылыш кайт, анткени биздин жерге пелиштиликтер кол салышты», – деди.

28 Шабул Дөөттү кууганын токтотуп, артка кайтты. Ал пелиштиликтерди көздөй бет алды. Ошондон тартып бул жер Села-Амахлекот деп аталып калды.

## 24-БӨЛҮМ

### Дөөттүн Шабулду аяп коюшу

1 Дөөт ал жерден чыгып, Эйин-Гединин коопсуз жерлеринде жашады.

2 Шабул пелиштиликтерди кууп, кайра кайтып келгенден кийин, ага: «Дөөт Эйин-Геди чөлүндө», – деп билдиришти.

3 Шабул бүткүл Ысрайылдан тандалган үч миң киши алып, жейрен мекендеген тоолордон Дөөттү жана анын кишилерин издөөгө чыкты.

4 Ал жолдогу кой камачу кашаага келди. Ал жерде үңкүр бар болчу, Шабул ага заара ушатканы кирди. Дөөт болсо кишилери менен үңкүрдүн түп жагында отурган эле.

5 Дөөткө өз кишилери мындай деп айтышты: «Теңирдин сага “Мен сенин душманыңды өз колуңа салып берем, аны каалаганыңдай кыласың” деген сөзү аткарылар күн келди». Дөөт туруп барып, Шабулдун сырт кийиминин этегинен акырын кесип алды.

6 Бирок Шабулдун кийиминин этегинен кесип алгандан кийин, Дөөттүн жүрөгү ооруду.

7 Анан ал өз кишилерине: «Теңир мага өз мырзама, Теңирдин майланганына, кол салууга жол бербесин, анткени ал – Теңирдин майланган адамы», – деди.

8 Ошентип, Дөөт ушул сөздөрү менен өз кишилерин токтотуп калды, алардын Шабулга каршы көтөрүлүүсүнө жол берген жок. Шабул болсо ордунан турду да, үңкүрдөн чыгып, жолго түштү.

9 Андан соң Дөөт да туруп, үңкүрдөн чыкты да, Шабулдун аркасынан: «Мырзам, падыша!» – деп кыйкырды. Шабул артын караганда, Дөөт жүзтөмөндөп, ага таазим кылды.

10 Дөөт Шабулга мындай деди: «“Дөөт сага жамандык кылууну ойлоп жатат”, – деген кишилердин сөзүн эмнеге угасың?

11 Бүгүн Теңир сени үңкүрдүн ичинде менин колума салып бергенин өз көзүң менен көрдүң. Мага сени өлтүр деп айтышты, бирок мен сени аядым: “Мен өз мырзама кол көтөрбөйм, анткени ал – Теңирдин майланган адамы”, – деп айттым.

12 Ата! Менин колумдагыны кара, кийимиңдин этегинен кесип алдым, бирок сени өлтүргөн жокмун. Менин оюмда жамандык кылуу да, кылмыш кылуу да жок экенин, сага каршы күнөө кылбаганымды ушундан билип ишен, сен болсо мени өлтүрүү үчүн издеп жүрөсүң.

13 Теңир ортобузда калыс болсун, мен үчүн сенден Теңир өч алсын, сени өлтүрүүгө колум барбайт.

14 Байыркы накыл сөздө: “Мыйзамсыздардан мыйзамсыздык чыгат”, – деп айтылат. Сени өлтүрүүгө колум барбайт.

15 Ысрайылдын падышасы кимге каршы чыкты? Сен кимдин артынан кууп жүрөсүң? Өлгөн иттин, бир бүргөнүн артынан.

16 Теңир Өзү сот болсун, экөөбүздүн ортобузда калыс болсун. Ал менин ишимди карап, талдап, мени сенин колуңдан куткарат».

17 Дөөт ушул сөздөрдү Шабулга айтып бүткөндө, Шабул: «Бул сенин үнүңбү, уулум Дөөт?» – деди. Анан Шабул катуу ыйлады.

18 Ал Дөөткө мындай деди: «Мага караганда адилеттүү экенсиң, анткени сен мага жакшылык менен жооп бердиң, мен болсо сага жамандык менен жооп бердим.

19 Сен муну бүгүн мага жакшылык кылууң менен далилдедиң. Теңир мени сенин колуңа салып бергенде, сен мени өлтүргөн жоксуң.

20 Душманын колго түшүргөн адам аны аман-соо коё бермек беле! Бүгүн мага кылган ишиң үчүн Теңир сага жакшылык менен кайтарсын.

21 Эми мен билем, сен сөзсүз падышачылык кыласың, сенин колуңда Ысрайылдын падышачылыгы бекем болот.

22 Азыр болсо мага Теңирдин алдында: “Сенин көзүң өткөндөн кийин, тукумуңду унутпайм, атаңдын тукумунун арасынан ысымыңды өчүрбөйм”, – деп ант бер».

23 Дөөт Шабулга ант берди. Шабул үйүнө кайтты, Дөөт болсо кишилери менен өзү жашынган жерин көздөй жогору чыгып кетти.

**25-БӨЛҮМ**

**Дөөт жана Абигейил**

1 Шемуел көз жумду. Бардык ысрайылдыктар чогулуп, аза күтүп ыйлашты. Аны өз жери Рамага коюшту. Дөөт турду да, Паран чөлүнө жөнөдү.

2 Маондо бир киши жашачу, анын Кармелде кой короосу бар болчу. Ал абдан бай адам эле, анын үч миң кою, миң эчкиси бар болчу. Ал Кармелде койлорун кыркып жаткан.

3 Ал кишинин аты Набал, ал эми аялынын аты Абигейил эле. Ал аял өтө акылдуу, ажарлуу, ал эми күйөөсү катаал, каардуу киши болчу, ал Калеп тукумунан эле.

4 Дөөт чөлдөн Набалдын кой кыркып жатканын укту.

5 Ошондо Дөөт он уланды мындай деп жөнөттү: «Кармелге чыккыла да, Набалга барып, менин атымдан ага салам айткыла.

6 Ага мындай дегиле: “Сага, сенин үй-бүлөңө, сеникиндегинин баарына тынчтык болсун.

7 Бүгүн мен сени кой кыркып жатат деп уктум. Малчыларың биз менен чогуу болушту, биз аларды таарынткан жокпуз, Кармелде турушканда, алардын эч нерсеси жоголгон жок.

8 Кулдарыңан сура, алар сага айтып беришет. Сенин алдыңда менин уландарым ырайым тапсын, анткени биз куттуу күнү келдик. Уулуң Дөөткө жана мына бул кулдарыңа көңүлүңдөн чыкканды бер”».

9 Дөөттүн кишилери Набалга келип, Дөөттүн атынан ушул сөздөрдү айтып, унчукпай туруп калышты.

10 Дөөттүн кулдарына Набал мындай деп жооп берди: «Дөөт ким экен? Жышайдын уулу ким экен? Азыр өз мырзасынан качкан кулдар көбөйдү.

11 Кой кыркуучуларга даярдаган нанды, сууну, этти алып, кайдан келгени белгисиз кишилерге эле бере бермек белем?»

12 Дөөттүн кишилери барган жолу менен кайтып келишип, ушул сөздөрдүн баарын айтып беришти.

13 Ошондо Дөөт өз кишилерине: «Ар бириңер кылычыңарды белиңерге байлангыла», – деди. Баары белине кылыч байлашты, Дөөт өзү да кылычын белине байлады. Дөөттүн артынан төрт жүздөй киши жөнөдү, эки жүзү болсо арабаларынын жанында калды.

14 Набалдын аялы Абигейилге кулдарынын бири мындай деп билдирди: «Дөөт биздин мырзабызга ээн талаадан элчилерин жөнөтүп, салам айттырды, бирок мырзабыз аларга орой мамиле кылды.

15 Ал кишилер бизге жакшы мамиле кылышчу, бизди таарынтышчу эмес, биз талаада алардын жанында жүргөнүбүздө, биздин эч нерсебиз жоголгон эмес.

16 Алардын жанында мал багып жүргөнүбүздө, күндүз да, түнкүсүн да, бардык убакта алар бизге чеп болчу.

17 Эми сен ойлонуп көрүп, эмне кылуу керек экендигин чеч. Мырзабызга, анын бүт үй-бүлөсүнө коркунуч туулары айдан ачык. Ал болсо – каардуу киши, аны менен сүйлөшүү мүмкүн эмес».

18 Ошондо Абигейил шашылыш түрдө эки жүз нан, эки чанач шарап, союлуп бышырылган беш кой, беш ченем кургатылган дан, жүз таңгак мейиз, эки жүз таңгак анжыр алды да, эшектерге жүктөттү.

19 Анан кулдарына: «Силер менин алдыма түшкүлө. Мен артыңардан барам», – деди. Бирок күйөөсү Набалга эч нерсе айткан жок.

20 Аял тоонун боору менен эшек минип түшүп келе жатканда, алдынан Дөөт жана анын кишилери чыкты. Аял аларга кезикти.

21 Дөөт мындай деген эле: «Мен бул кишинин мал-мүлкүн чөлдө бекер эле кайтарган экенмин, анын эч нерсеси жоголгон жок, бирок ал жакшылыкка жамандык кылды.

22 Эгер таңга чейин Набалдын бир эркегин тирүү калтырсам, Кудай Дөөттүн душмандарына эмне кылам десе, ошону кылсын, андан да жаман кылсын».

23 Абигейил Дөөттү көргөндө, эшектен шашып түштү да, Дөөттүн алдына жүзтөмөндөп жыгылып таазим этти.

24 Анан бутуна жыгылып, мындай деди: «Күнөө менде болсун, мырзам. Күңүңдүн сүйлөөсүнө уруксат эт, сөзүнө кулак сал.

25 Мырзам бул каардуу кишиге, Набалга, көңүл бурбасын, анткени анын ысымы кандай болсо, өзү да ошондой. Анын аты – Набал («акылсыз»), атына жараша өзү да акылсыз. Мен, сенин күңүң, сен жиберген кулдарды көргөн эмесмин.

26 Ушул күндө, мырзам, Теңир тирүү, сенин жаның тирүү. Теңир сенин кан төгүүңө, өз колуң менен өч алууңа жол бербейт. Душмандарың жана мырзама жамандык ойлогондордун бардыгы Набалга окшоп калсын.

27 Мына бул тартууну мырзама кызмат кылган жаш уландарга берүү үчүн, күңүң мырзама алып келди.

28 Күңүңдүн күнөөсүн кечир. Теңир менин мырзамдын тукумун сөзсүз бекемдейт, анткени менин мырзам Теңирдин согуштарын жүргүзөт, өмүрүң өткөнчө сенден жамандык табылбасын.

29 Эгер кимдир бирөө сенин артыңдан түшүп, сени өлтүргүсү келсе, анда мырзамдын жаны Кудай-Теңиринин колунда, ал эми душмандарыңдын жанын Ал салмоордогу таш сыяктуу ыргытат.

30 Теңир мырзама айткан жакшылыкты кылганда, сени Ысрайылга жол башчы койгондо,

31 курулай кан төкпөгөндүгүң үчүн, өзүңдү өч алуудан сактаганың үчүн, мырзамдын абийири айыптабайт, тынчсызданбайт. Теңир мырзама жакшылык кылат, ошондо күңүңдү эстейсиң».

32 Дөөт Абигейилге мындай деди: «Ушул күнү сени мага кезигүүгө жиберген Ысрайылдын Кудай-Теңирине даңк!

33 Азыр менин кан төгүүмө жана өзүм үчүн өч алуума жол бербегениң үчүн, Кудай акылыңа береке берсин, сага батасын берсин.

34 Мени сага жамандык жасоодон сактап калган Ысрайылдын Кудай-Теңири тирүү, сен шашылыш келип мага жолукпаганыңда, таңга чейин Набалдын бир да эркегин тирүү калтырмак эмесмин».

35 Дөөт анын алып келгенин колунан алып: «Үйүңө тынчтык менен кете бер. Мен сени сыйлап, айтканыңды уктум», – деди.

36 Абигейил Набалга келсе, анын үйүндө падышаныкындай той болуп жатыптыр, Набалдын көңүлү шат экен, ал абдан мас эле. Аялы ага таңга чейин эч нерсе айткан жок.

37 Эртең менен Набалдын масы тараганда, аялы ага болгон окуяны айтып берди. Ошондо анын жүрөк оорусу кармап, таштай катып калды.

38 Он күндөн кийин Теңир Набалды өлтүрдү. Ал өлдү.

39 Дөөт Набалдын өлгөнүн угуп, мындай деди: «Теңирге даңк, мени шылдың кылганы үчүн, Ал Набалдын жазасын берди, Өз кулун жамандыктан сактады. Теңир Набалдын жамандыгын өз башына салды». Дөөт Абигейилди аялдыкка аларын айттырганы киши жиберди.

40 Дөөттүн кулдары Кармелге келип, Абигейилге: «Дөөт сени өзүнө аялдыкка алуу үчүн, бизди сага жиберди», – деп айтышты.

41 Ал ордунан турду да, жерге чейин ийилип таазим кылып: «Мырзамдын кулдарынын бутун жууп, кызматчы болууга күңүң даяр», – деди.

42 Анан Абигейил шашылыш түрдө даярданып, эшекке минди. Беш кызматчы кыз аны узатып барды. Ал Дөөттүн элчилеринин артынан кетти. Ал Дөөттүн аялы болду.

**Дөөттүн Акинаамды да аялдыкка алышы**

43 Дөөт изрейелдик Акинаамды да алды, экөө анын аялы болушту.

44 Шабул болсо кызы Михалды, Дөөттүн аялын, галимдик Лаиштин уулу Палтиелге берди.

**26-БӨЛҮМ**

**Дөөттүн Шабулду экинчи жолу аяп коюшу**

1 Зуптуктар Гибага, Шабулга келип: «Дөөт биздин жерде, Жешимондун оң жагындагы Хахил дөңсөөсүндө жашынып жатат», – деп айтышты.

2 Ошондо Шабул ордунан туруп, Зуп чөлүн көздөй ылдый түштү, аны менен Ысрайылдын тандалган үч миң кишиси Зуп чөлүнөн Дөөттү издегени чыкты.

3 Шабул Жешимондун оң жагындагы, жол боюндагы Хахил дөңсөөсүнө жайланышты. Дөөт чөлдө болчу, ал өзүнүн артынан Шабулдун чөлгө келгенин көрдү.

4 Дөөт тыңчыларды жиберип, Шабулдун келгени чын экенин билди.

5 Ошондо Дөөт ордунан турду да, Шабулдун кошууну турган жерге келди. Анан Дөөт Шабулдун жана анын аскер башчысы Нейир уулу Абенердин жайгашкан жерин көрдү. Шабул чатырда уктап жатыптыр, эл анын тегерегине жайланышыптыр.

6 Дөөт хеттик Акимелекке жана Серуянын уулу, Жойаптын бир тууганы Абышайга мындай деп кайрылды: «Шабулга, кошуунга мени менен ким барат?» Абышай: «Сени менен мен барам», – деп жооп берди.

7 Дөөт Абышай менен түн ичинде Шабулдун кишилерине келди. Шабул чатырында уктап жатыптыр, баш жагында найзасы жерге сайылып туруптур. Абенер жана эл анын тегерегинде экен.

8 Ошондо Абышай Дөөткө: «Кудай бүгүн душманыңды колуңа салып берди. Эми мага уруксат бер, аны найза менен жерге кадайын, мен бир эле саям, кайталабайм», – деди.

9 Бирок Дөөт Абышайга: «Аны өлтүрбө, анткени Теңирдин майланганына кол көтөргөн адам жазаланбай калмак беле!» – деди.

10 Дөөт мындай деди: «Теңир тирүү! Аны Теңир Өзү өлтүрсүн, же анын өлөр күнү келет, же согушта ажал табат! Теңир Өзүнүн майланганына кол көтөрүүмө жол бербесин.

11 Анын баш жагындагы найзасы менен суу куюлган идишин ал, өзүбүз жакка кетели».

12 Дөөт Шабулдун баш жагындагы найзасы менен суу куюлган идишин алды. Анан алар өздөрү жакка кетишти. Эч ким көргөн да, билген да жок, эч ким ойгонгон да жок, баары уктап жаткан, анткени аларды Теңир уктатып салган эле.

13 Дөөт тоонун башка бетине өтүп, алыста, чокуда турду. Алардын ортосундагы аралык алыс эле.

14 Анан Дөөт элди жана Нейир уулу Абенерди чакырып: «Абенер, жооп бер», – деди. Абенер: «Сен кимсиң, эмнеге падышанын тынчын алып, кыйкырып жатасың?» – деди.

15 Дөөт Абенерге мындай деди: «Сен эр жигитсиң, сага Ысрайылда ким тең келет? Эмне үчүн өз мырзаңды, падышаны, жакшы коргобойсуң? Анткени падышаны, мырзаңды, өлтүрүү үчүн, эл ичинен бирөө келип кетти.

16 Сенин мындай кылып жатканың жакшы эмес. Теңир тирүү! Мырзаңарды, Теңирдин майланганын, коргобогонуңар үчүн, силер өлүмгө татыктуусуңар. Карачы, падышанын баш жагында турган найза жана суу куюлган идиш кана?»

17 Шабул Дөөттүн үнүн таанып: «Дөөт, уулум, бул сенин үнүңбү?» – деди. «Менин үнүм, мырзам падыша», – деп жооп берди Дөөт.

18 Дөөт дагы мындай деди: «Мырзам өз кулунун артынан эмнеге аңдып жүрөт? Мен эмне кылдым? Кандай кыянаттык кылдым?

19 Эми менин мырзам, падыша, өз кулунун сөзүн угуп турсун: Эгер Теңир сени мага каршы чыгарып жатса, анда бул кылып жатканың сенин Теңирге арнаган жыпар жыттуу курмандыгың болсун. Эгерде сени мага адам баласы каршы тукурса, анда аларга Теңирдин каргышы тийсин, анткени алар: “Бар, жат кудайларга кызмат кыл”, – деп, мени Теңирдин мурасчысы кылбай, кууп жиберишкен.

20 Теңирдин алдында менин каным жерге төгүлбөсүн, анткени тоодон чил кубалагансып, Ысрайыл падышасынын издеп чыкканы – бир бүргө».

21 Ошондо Шабул: «Мен күнөө кылдым. Дөөт уулум, кайтып кел, анткени сага мындан кийин жамандык кылбайм, себеби менин жаным бүгүн сенин көз алдыңда кымбат болду. Мен акылсыздык кылдым, катуу жаңылдым», – деди.

22 Дөөт мындай деп жооп берди: «Мына, падышанын найзасы. Жигиттердин бири келип, алып кетсин.

23 Теңир ар бир адамга анын адилеттүүлүгүнө жана ишенимдүүлүгүнө жараша берсин, анткени сени Теңир менин колума салып берген, бирок мен Теңирдин майланганына кол көтөрүүнү каалаган жокмун.

24 Бүгүн менин көз алдымда сенин өмүрүң кандай кымбат болсо, Теңирдин көз алдында менин өмүрүм да ошондой кымбат болсун, Ал мени ар кандай жамандыктан сактасын!»

25 Шабул Дөөткө: «Уулум Дөөт, Кудай сага батасын берсин! Сен улуу иштерди кыласың, бардык ишиңде ийгиликке жетесиң!» – деди. Ошентип, Дөөт өз жолу менен кетти, Шабул да өз үйүнө кайтты.

**27-БӨЛҮМ**

**Дөөт пелиштиликтердин арасында**

1 Дөөт ичинен минтип ойлоду: «Акыры бир күнү мен Шабулдун колуна түшөм, андыктан мен үчүн пелиштиликтердин жерине качып баргандан артык эч нерсе жок. Ошондо Шабул мени аңдыганын коёт, Ысрайыл жеринен мындан ары издебей калат, анын колунан мен ошентип качып кутулам».

2 Дөөт ордунан туруп, жанындагы алты жүз кишиси менен Гат падышасы Маох уулу Акишке келди.

3 Ошентип, Дөөт өз кишилери менен, алардын ар бири өз үй-бүлөсү менен, өзүнүн эки аялы: изрейелдик Акинаам жана мурун кармелдик Набалдын аялы болгон Абигейил менен Гаттагы Акиштикинде жашап калды.

4 Дөөттүн Гатка качып кеткенин Шабулга билдиришти, ошондон кийин ал аны издебей калды.

5 Дөөт Акишке мындай деди: «Эгер мен сенин алдыңда ырайым тапсам, анда кичинекей шаарлардын биринен мага орун берилсин, мен ошол жерде жашайын. Сенин кулуңа сени менен бирге падышанын шаарында жашоонун кандай кажети бар?»

6 Ошондо Акиш ага Сыклакты берди. Ошондон ушул кезге чейин Сыклак Жүйүттүн падышаларына тиешелүү.

7 Дөөт Пелишти өлкөсүндө бир жыл, төрт ай жашады.

8 Дөөт өз кишилери менен чыгып, гешурлуктарды, гезриликтерди, амалыктыктарды талкалап турду, алар бул өлкөдө Шурга чейин, ал тургай, Мисир жерине чейин эчактан бери жашап келишкен.

9 Дөөт ал өлкөнү талкалады, аял-эркегин тирүү калтырбай, койлорун, өгүздөрүн, эшектерин, төөлөрүн, кийимдерин талап-тоноп, Акишке кайтып келип турду.

10 Акиш Дөөттөн: «Бүгүн кимдерге кол салдыңар?» – деп сурады. Дөөт ага: «Жүйүт аймагынын түштүк жагына, Жерахмейелдин түштүк жагына, Кейнинин түштүк жагына», – деп жооп берди.

11 Дөөт эркегин да, аялын да тирүү калтырган жок, ал: «Алар биз жөнүндө: “Дөөт ушундай кылган, анын Пелишти өлкөсүндө өткөргөн мезгилинде кылган иштери ушундай болгон”, – деп айтышпасын», – деп, аларды Гатка алып келген жок.

12 Акиш Дөөткө ишенип: «Ал өз эли Ысрайылга жек көрүндү болуп калды, эми ал менин түбөлүк кулум болот», – деди.

**28-БӨЛҮМ**

1 Ошол убакта пелиштиликтер Ысрайыл менен согушуу үчүн, өз аскерин топтоду. Акиш Дөөткө: «Билип кой, өзүң жана сенин кишилериң мени менен, менин аскерим менен барасыңар», – деди.

2 Дөөт Акишке: «Кулуңдун кандай кыларын көрөсүң», – деди. Акиш Дөөткө: «Мен ошон үчүн сени түбөлүккө башымды коргой турган сакчы кылам», – деди.

**Шабул сыйкырчы аялдыкында**

3 Шемуел каза болуп, бүт Ысрайыл аза күтүп, аны өзүнүн шаары Рамага коюшту. Шабул болсо өлкөдөн сыйкырчылар менен төлгөчүлөрдү кууп чыкты.

4 Пелиштиликтер чогулушту да, Шунемде кошуун болуп жайгашышты. Шабул болсо бүт Ысрайыл элин чогултту, алар Гилбояда кошуун болуп жайгашышты.

5 Шабул пелиштиликтердин кошуунун көргөндө, коркуп, жүрөгү болк дей түштү.

6 Ошондо Шабул Теңирге кайрылды, бирок Теңир ага түш аркылуу да, урим аркылуу да, пайгамбарлар аркылуу да жооп берген жок.

7 Ошондо Шабул өз кулдарына: «Мага сыйкырчы аял издеп таап бергиле, мен ошого барып, ошондон сурайм», – деди. Кулдары ага: «Эйен-Дордо сыйкырчы аял бар», – деп айтышты.

8 Шабул кийимин чечип, башка кийим кийди да, жанына эки киши алып, түн ичинде ошол аялдыкына келди. Шабул ага: «Сенден суранам, сыйкырчылык кылып, мен айткан кишини чакырып бер», – деди.

9 Бирок аял ага: «Шабулдун эмне кылганын, сыйкырчылар менен төлгөчүлөрдү өлкөдөн кандай кууп чыкканын билесиң. Сен эмнеге мени өлтүрүш үчүн тор жайып жатасың?» – деди.

10 Шабул сыйкырчы аялга Теңир менен ант берип: «Теңир тирүү! Бул иш үчүн сен жазаланбайсың», – деди.

11 Ошондо аял: «Сага кимди чакырып берейин?» – деп сурады. Ал ага: «Мага Шемуелди чакырып бер», – деди.

12 Аял Шемуелди көргөндө, катуу кыйкырып жиберди. Анан аял Шабулга кайрылып: «Сен эмнеге мени алдадың? Сен Шабул турбайсыңбы!» – деди.

13 Падыша андан: «Коркпо, сен эмнени көрүп жатасың?» – деп сурады. Аял Шабулга: «Жерден чыгып келе жаткан, кудайга окшогон бирөөнү көрүп жатам», – деп жооп берди.

14 Шабул андан: «Анын кебетеси кандай экен?» – деп сурады. Ал: «Жерден карыган, узун кийим кийген эркек киши чыгып келе жатат», – деди. Ошондо Шабул анын Шемуел экенин таанып, жүзтөмөндөп жыгылып таазим кылды.

15 Шемуел Шабулга: «Сен эмне үчүн менин тынчымды алып чакырдың?» – деди. Шабул мындай деп жооп берди: «Мен аябай жаман болуп турам. Пелиштиликтер мага кол салышты, бирок Кудай мени таштап койду, пайгамбарлар аркылуу да, түшүмдө да жооп бербей жатат. Эмне кылышым керек экендигин үйрөтсүн деп, сени чакырдым».

16 Ошондо Шемуел ага мындай деди: «Теңир сени таштап, сага душман болуп калганда, менден эмнеге сурап жатасың?

17 Теңир мен аркылуу айтканын кылат. Ал падышачылыкты колуңдан тартып алып, аны жакыныңа, Дөөткө, берет.

18 Теңирдин тилин албай, Анын амалыктыктарга чыгарган каардуу өкүмүн аткарбаганың үчүн Теңир сага ушундай кылып жатат.

19 Теңир сени менен кошо Ысрайылды пелиштиликтердин колуна салып берет. Өзүң да, уулдарың да эртең мени менен болосуңар. Теңир Ысрайылдын кошуунун пелиштиликтердин колуна салып берет».

20 Ошондо күтүлбөгөн жерден Шабул эт-бети менен жыгылды, себеби Шемуелдин сөзүнөн абдан коркуп кетти. Ал ошол күнү, ошол түнү оозуна наар албагандыктан, алсырап калган эле.

21 Тигил аял Шабулдун жанына келип, анын абдан коркуп кеткенин көргөндө, мындай деди: «Мен, сенин күңүң, тилиңди алып, өмүрүмдү тобокелге салып, айткан буйругуңду аткардым.

22 Эми сенден суранам, сен да күңүңдүн тилин ал. Мен сага бир кесим нан берем, жегин, ал сага жол жүргөндө кубат болот».

23 Бирок ал: «Жебейм», – деп баш тартты. Кулдары да, аял да аны көндүрө башташты. Ошондо ал алардын тилин алып, туруп келип, төшөккө отурду.

24 Аялдын үйүндө бордолгон торпогу бар болчу, ал аны мууздоого шашты. Ун алып жууруп, ачыткысыз нан бышырды.

25 Анан Шабулдун жана анын кулдарынын алдына койду. Алар жешти, анан орундарынан туруп, ошол эле түнү кетишти.

**29-БӨЛҮМ**

**Дөөттүн Кудайдын башкаруусу менен ысрайылдыктарга каршы чыкпай калышы**

1 Пелиштиликтер өздөрүнүн бардык аскерин Апейикке чогултушту. Ысрайылдыктардын кошууну Изрейелдеги булактын жанына жайланышты.

2 Пелишти төрөлөрү жүздөп-миңдеп келе жатышты. Дөөт жана анын кишилери болсо артта Акиш менен келе жатышты.

3 Пелишти төрөлөрү: «Бул кайсы эврейлер?» – деп сурашты. Акиш Пелишти төрөлөрүнө: «Эмне, силер мунун Ысрайыл падышасы Шабулдун кулу Дөөт экенин билбейсиңерби? Ал бир жылдан ашуун убактан бери менин жанымда, ал келгенден бери мен андан эч кандай жаман нерсе көргөн жокмун», – деп жооп берди.

4 Пелишти төрөлөрү Дөөткө кыжырданып, Акишке мындай деп айтышты: «Сен бул кишини артка жибер, ал сен дайындаган өз ордунда тынч отурсун. Ал биз менен согушка барбасын, согушта өзүбүзгө каршы чыкпасын. Ал өз мырзасын мына бул жигиттердин башынан башка эмне менен ыраазы кыла алат?

5 "Шабул миңди жеңди, Дөөт он миңди жеңди", – деп, ушул Дөөт жөнүндө ырдап-бийлешпеди беле!»

6 Ошондо Акиш Дөөттү чакырып, ага мындай деди: «Теңир тирүү! Сенин ниетиң ак, аскерлердин арасында мени менен жүргөнүң мага жакшы болор эле, анткени сен мага келгенден бери мен сенден жаман нерсе байкаган жокмун, бирок сага төрөлөрдүн көз карашы жакшы эмес.

7 Ошондуктан азыр кайра артка кайт, тынчтык менен кете бер. Пелишти төрөлөрүн кыжырдантпа».

8 Бирок Дөөт Акишке мындай деди: «Мен эмне кылдым, алдыңа келген күндөн ушул күнгө чейин кулуңдан кандай айып таптың, эмне үчүн мага мырзам падышанын душмандары менен согушканы барууга болбосун?»

9 Акиш Дөөткө мындай деп жооп берди: «Ишен, сен мен үчүн Кудайдын периштесиндей жагымдуусуң, бирок Пелишти мырзалары: "Ал биз менен согушка барбасын", – дешти.

10 Ошондуктан өзүң да, мырзаңдын өзүң менен кошо келген кулдары да эртең менен туруп, жарык киргенде жөнөгүлө».

11 Эртең менен Пелишти жерине кайтыш үчүн, Дөөт жана анын кишилери эрте турушту. Пелиштиликтер болсо согушка, Израйелге кетишти.

**30-БӨЛҮМ**

**Амалыктыктардын жеңилиши**

1 Дөөт жана анын кишилери үчүнчү күнү Сыклакка келишсе, амалыктыктар Сыклакка түштүк тарабынан кол салып, аны басып алып өрттөп кетишиптир.

2 Аялдарды жана шаарда жашагандардын бардыгын, кичинесинен чоңуна чейин өлтүрбөстөн, туткундап, жолуна түшүшүптүр.

3 Дөөт өз кишилери менен шаарга келсе, шаар өрттөнүп, алардын аялдары, уулдары жана кыздары туткундалып кеткен экен.

4 Дөөт жана анын жанындагы эл боздоп ыйлады, алар ыйлаганга алы келбей калганча ыйлашты.

5 Дөөттүн эки аялы да – израйелдик Акинаам жана мурда кармелдик Набалдын аялы болгон Абигейил туткундалып кетиптир.

6 Дөөт абдан кыйналды, анткени эл аны таш бараңга алгысы келди. Анткени уулдары менен кыздарынан ажыраган эл кайгырып турган эле.

7 Бирок Дөөт өзүнүн Кудай-Теңиринен күч алды. Ал Акимелектин уулу Абыйатарга: «Мага эфодду алып кел», – деди. Абыйатар Дөөткө эфодду алып келди.

8 Дөөт Теңирге кайрылып: «Бул сансыз аскердин артынан түшөйүнбү? Аларды кууп жетемби?» – деп сурады. Ага: «Артынан түш, кууп жетесиң, туткундарды алып каласың», – деп айтылды.

9 Ошондо Дөөт өзү да, жанындагы алты жүз жигити да жөнөдү. Алар Бесор суусуна келишкенде, чарчап-чаалыккандары ошол жерде калышты.

10 Дөөт төрт жүз кишиси менен тигилердин артынан түштү. Эки жүз кишиси токтоп калды, анткени алар Бесор суусун кечип өтө алышкан жок.

11 Алар талаадан мисирлик бир кишини таап алып, Дөөткө алып келишти да, ага нан беришти, ал жеди, ага суу беришти.

12 Анжыр жемишинин таңгагынан бир бөлүк, эки таңгак мейиз беришти. Ал аны жеп, күчүнө кирди, анткени ал үч күн, үч түн нан да жебептир, суу да ичпептир.

13 Дөөт андан: «Сен кимдин кулусуң? Кайдан болосуң?» – деп сурады. Ал ага: «Мен мисирликмин, амалыктык бир кишинин кулумун, кожоюнум мени таштап кетти, анткени үч күндөн бери ооруп жатам.

14 Биз Керейтинин, Жүйүттүн жана Калептин түштүк жагынан басып кирдик, Сыклакты болсо өрттөп жибердик», – деп жооп берди.

15 Дөөт андан: «Ошол сансыз аскерге мени алып барасыңбы?» – деп сурады. Ал ага: «"Сени өлтүрбөйм, кожоюнуңдун колуна салып бербейм", – деп, Кудай менен ант бер, ошондо мен сени ошол сансыз аскерге алып барам», – деп жооп берди.

16 Ошентип, ал Дөөттү алып барды. Амалыктыктар бүт өлкөгө чачырап, Пелишти менен Жүйүт жеринен алган чоң олжого тунуп, ичип-жеп тойлоп жатышкан экен.

17 Дөөт аларды иңирден баштап эртеси күндүн кечине чейин талкалады, төө минип качып кеткен төрт жүз уландан башка эч ким кутулган жок.

18 Дөөт амалыктыктар алгандын баарын тартып алды. Өзүнүн эки аялын да алып калды.

19 Амалыктыктар алып кеткендин эч нерсеси: кичинеси да, чоңу да, уулдары да, кыздары да, олжосу да жоголгон жок, Дөөт бардыгын кайра кайтарып алды.

20 Дөөт алардын бардык майда жана бодо малын алды. Аларды өздөрүнүн малынын алдына салып айдап алып: «Бул – Дөөттүн олжосу», – дешти.

21 Анан Дөөт өзүнүн артынан жүрө албай калган эки жүз кишиге келди. Аларды Дөөт Бесор суусунун боюна калтырган эле. Алар Дөөттү жана анын жанындагы кишилерди тосуп чыгышты. Дөөт ал кишилерге келип, алардын ал-жайын сурады.

22 Ошондо Дөөт менен баргандардын арасындагы жаман, начар кишилер мындай дешти: «Булар биз менен барбагандыгы үчүн, аларга өзүбүз тартып алган олжодон бербейбиз. Ар ким өз аялын, балдарын гана алсын да, кете берсин».

23 Бирок Дөөт аларга мындай деди: «Бир туугандарым, Теңир бергенден кийин, мындай кылбагыла. Ал бизди сактап, бизге каршы келген сансыз аскерди колубузга салып бербедиби.

24 Силердин бул сунушуңарды ким укмак эле? Согушка баргандардын үлүшү кандай болсо, арабалардын жанында калгандардын үлүшү да ошондой болушу керек, баарына тең бөлүнүшү керек», – деди.

25 Ошол күндөн баштап, Дөөт муну Ысрайыл элиндеги мыйзам жана милдет катары бекитти, ал ушул күнгө чейин сакталып келе жатат.

26 Анан Дөөт Сыклакка келип, Жүйүттүн аксакалдарына, досторуна: «Бул силерге Теңирдин душмандарынан тартылып алынган олжодон белек», – деп, олжодон жөнөттү.

27 Ал бейтелдегилерге, түштүк рамоттогуларга, жатирдегилерге,

28 аройердегилерге, сипмоттогуларга, эштемоадагыларга,

29 рахалдагыларга, Жерахмейел жана Кейни шаарларындагыларга,

30 хормадагыларга, хор-ашандагыларга, атахтагыларга,

31 хеброндогуларга жана Дөөт өз кишилери менен жүргөн бардык жерлерге жөнөттү.

**31-БӨЛҮМ**

**Шабулдун жана анын уулдарынын өлүшү**

1 Пелиштиликтер болсо ысрайылдыктар менен согушуп жатышты. Ысрайыл эркектери пелиштиликтерден качып, Гилбоя тоосунда кырылышты.

2 Пелиштиликтер Шабулду жана анын уулдарын кууп жетип, Шабулдун уулдары Жонатанды, Аминадапты жана Малкишуаны өлтүрүштү.

3 Шабулга каршы согуш катаал болду, аны жаа аткычтар атышты, ал аткычтардан катуу жарадар болду.

4 Ошондо Шабул өзүнүн курал көтөргөн жигитине: «Кылычыңды кынынан сууруп, мени сайып сал, болбосо мына бул сүннөткө отургузулбагандар келип, мени өлтүрүп, маскара кылышат», – деди. Бирок курал көтөргөн жигит макул болгон жок, анткени абдан коркуп турган эле. Ошондо Шабул өз кылычын алып, ага сайынып жыгылды.

5 Курал көтөргөн жигити Шабулдун өлгөнүн көргөндө, өз кылычына жыгылып, аны менен кошо өлдү.

6 Ошентип, ошол күнү Шабул, анын үч уулу жана курал көтөргөн жигити, ошондой эле бардык кишилери аны менен кошо өлүштү.

7 Өрөөн тарапта жана Иордан суусунун наркы өйүзүндө жашаган ысрайылдыктар Ысрайыл элинин качканын, Шабулдун жана анын уулдарынын өлгөнүн көрүшкөндө, өз шаарларын таштап качышты. Пелиштиликтер келип, алардын шаарларына отурукташып алышты.

8 Эртеси күнү пелиштиликтер Гилбоя тоосуна өлгөндөрдү тоногону келишкенде, Гилбоя тоосунан Шабулдун жана анын үч уулунун өлүгүн табышты.

9 Алар Шабулдун башын кесип, куралын чечип алып, буркандарынын бутканаларына жана өздөрүнүн элине бул окуяны кабарлаш үчүн, Пелиштинин бүт жерине жөнөтүштү.

10 Анын куралын Ашейранын бутканасына коюшту, денесин Бейт-Шандын дубалына асып коюшту.

11 Пелиштиликтердин Шабулду эмне кылышканын Гилаттагы Жабештин тургундары угушту.

12 Ошондо бардык эр жүрөктөр туруп, түнү бою жол жүрүп келип, Шабулдун жана анын уулдарынын денелерин Бейт-Шандын дубалынан алып, Жабешке алып келип, ошол жерде өрттөп салышты.

13 Алардын сөөгүн алып, Жабештеги эмен дарагынын түбүнө көмүштү да, жети күн орозо кармашты.

**ЭКИНЧИ ШЕМУЕЛ КИТЕБИ**

**1-БӨЛҮМ**

**Дөөттүн Шабулдун өлгөнүн угушу**

1 Шабул өлгөндөн кийин, Дөөт амалыктыктарды талкалап кайтты да, Сыклакта эки күн болду.

2 Үчүнчү күнү Шабулдун кошуунунан үстүндөгү кийими айрылган жана башы топурак болгон бир киши келди. Ал Дөөткө келип, жерге жыгылып, ага таазим этти.

3 Дөөт андан: «Сен кайдан келдиң?» – деп сурады. Ал Дөөткө: «Мен Ысрайылдын кошуунунан качып келдим», – деп жооп берди.

4 Дөөт ага: «Эмне болду? Мага айтып бер», – деди. Ал: «Эл согуштан качты, элдин көбү жыгылды, өлүмгө дуушар болду, Шабул жана анын уулу Жонатан да өлдү», – деди.

5 Дөөт айтып берип жаткан уландан: «Шабул менен анын уулу Жонатандын өлгөнүн сен кайдан билдиң?» – деп сурады.

6 Ага баяндап жаткан улан мындай деп жооп берди: «Мен кокусунан Гилбоя тоосуна барып калдым. Шабул өз найзасына кулады, арабалар жана атчан жоокерлер болсо ага жеткени калышкан эле.

7 Шабул артын карап, мени көрүп, өзүнө чакырды.

8 “Мына мен”, – дедим. Ал мага: “Сен кимсиң?” – деди. “Мен амалыктык болом”, – дедим.

9 Ошондо ал мага: “Мага жакын келип, мени өлтүр, анткени мен жаным чыкпай, кыйналып жатам”, – деди.

10 Мен жакын бардым да, аны өлтүрдүм, анткени анын жыгылган соң тирүү калбасын билдим. Анын башындагы таажысын, колундагы билеригин алдым да, аларды өз мырзама, бул жерге алып келдим».

11 Ошондо Дөөт өзүнүн кийимин кармап туруп айрып жиберди, жанында турган кишилер да ошондой кылышты.

12 Алар кылычтан өлгөн Шабулду жана анын уулу Жонатанды жоктоп, Теңирдин эли жана Ысрайыл тукуму үчүн боздоп ыйлап, кечке чейин орозо кармашты.

13 Дөөт айтып берип жаткан уландан: «Сен кайдансың?» – деп сурады. Ал: «Мен келгин амалыктыктын уулумун», – деп жооп берди.

14 Ошондо Дөөт ага мындай деди: «Кантип коркпой, Теңирдин майланганын өлтүрүүгө кол көтөрдүң?»

15 Анан Дөөт уландардын бирин чакырып: «Жакын келип, муну өлтүрүп сал», – деди. Улан аны өлтүрдү, ал өлдү.

16 Дөөт ага мындай деди: «Өз каның өз башыңда, анткени “Теңирдин майланганын өлтүрдүм” деп айткан сөзүң өзүңө каршы күбө болду».

**Дөөттүн Шабул менен Жонатанды жоктоп ыйлашы**

17 Дөөт Шабулду жана анын уулу Жонатанды жоктоп ыйлады.

18 Анан ал адилеттүүнүн китебинде жазылгандай, Жүйүт уулдарына «Жаа» ырын үйрөтүүнү буйрук берип, мындай деп айтты:

19 «О Ысрайыл, сенин сыймыгың бийиктиктериңде өлтүрүлдү! Күчтүүлөрүң кандай кулады!

20 Пелиштиликтердин кыздары кубанычка батпашы үчүн, сүннөткө отургузулбагандардын кыздары салтанат курбашы үчүн, Гатта айтпагыла, Ашкелондун көчөлөрүндө жарыя кылбагыла.

21 Гилбоя тоолору! Силерге шүүдүрүм түшпөсүн, жамгыр жаабасын, силерде жемиштүү талаа болбосун, анткени ошол жерде күчтүүлөрдүн калканы талкаланды, Шабулдун калканы зайтун майы менен майланбагансып талкаланды.

22 Жарадарлардын канысыз, күчтүүлөрдүн майысыз Жонатандын жаасы кайра артка кайтчу эмес, Шабулдун кылычы кынынан бекер суурулчу эмес.

23 Шабул менен Жонатан тирүү кезинде бири-бирин жакшы көрүшчү, ынтымактуу болчу, өлгөндө да ажырашпай бирге өлүштү. Алар бүркүттөрдөн учкул, арстандардан күчтүү жандар эле.

24 Ысрайыл кыздары! Силерге кочкул кызыл жана кооз кийим кийгизген, кийимиңерге алтын жасалгаларды тактырган Шабулду жоктоп ыйлагыла.

25 Күчтүүлөр майданда өлүштү! Сенин бийиктиктериңде Жонатан өлтүрүлдү.

26 Бир боорум Жонатан, сен үчүн аза күтөм. Сен мен үчүн абдан кымбат элең, сенин сүйүүң мен үчүн аялдын сүйүүсүнөн артык эле.

27 Күчтүүлөр кулады, согуш куралдары кыйрады!»

## 2-БӨЛҮМ

**Жүйүт элинин Дөөттү падышачылыкка чакырышы**

1 Ушундан кийин Дөөт Теңирден: «Жүйүт шаарларынын бирине барсам болобу?» – деп сурады. Теңир ага: «Баргын», – деди. Дөөт дагы: «Кайсынысына барайын?» – деп сурады. Ал: «Хебронго», – деп жооп берди.

2 Дөөт өзүнүн эки аялы: изрейелдик Акинаам жана мурун Набалдын аялы болгон кармелдик Абигейил менен ошол жакка бет алды.

3 Дөөт өзүнүн жанындагы кишилерди, алардын ар биринин үй-бүлөсүн Хеброн шаарына отурукташтырды.

4 Ошондо Жүйүт эркектери келип, Дөөттү ошол жерде майлап, Жүйүт тукумуна падыша кылышты. Шабулду гилаттык Жабештин тургундары көргө коюшканын Дөөткө билдиришти.

5 Дөөт гилаттык Жабештин тургундарына элчилерди жөнөтүп, мындай деп айттырды: «Мырзаңар Шабулга ушундай ырайым кылып, аны көргө койгонуңар үчүн Теңир силерге батасын берсин.

6 Ушул күндө Теңир силерге ырайымын жана ишенимдүүлүгүн көрсөтсүн. Ушундай кылганыңар үчүн мен да силерге жакшылык кылам.

7 Эми силер кайраттуу, бекем болгула. Мырзаңар Шабул өлдү, мени болсо жүйүттөр өздөрүнө падыша кылып майлашты».

**Абенердин Ишпошетти он бир урууга падыша кылышы**

8 Бирок Шабулдун аскер башчысы, Нейир уулу Абенер, Шабулдун уулу Ишпошетти алып, аны Маханайимге алып келди.

9 Ал аны Гилаттын, Ашурдун, Изрейелдин, Эпрайымдын, Бенжеминдин жана бүт Ысрайылдын үстүнөн падыша кылды.

10 Шабулдун уулу Ишпошет Ысрайылга падыша болгондо, кырк жашта эле, ал эки жыл падышачылык кылды. Жүйүттөр гана Дөөт менен калышты.

11 Дөөт Хеброндо жүйүттөргө бардыгы болуп жети жыл, алты ай падышачылык кылды.

12 Нейир уулу Абенер жана Шабул уулу Ишпошеттин кулдары Маханайимден чыгып, Гибонго келишти.

13 Серуянын уулу Жойап да Дөөттүн кулдары менен чыгып, Гибон көлмөсүнүн жанында жолугушту. Тигилер көлмөнүн аркы өйүзүнө, булар берки өйүзүнө жайгашышты.

14 Абенер Жойапка: «Жигиттер туруп, биздин алдыбызда тамаша курушсун», – деди. Жойап: «Болуптур, турушсун», – деди.

15 Ошондо Шабулдун уулу Ишпошет тараптан бенжеминдик он эки жигит, Дөөттүн кулдарынын ичинен он эки адам туруп барышты.

16 Алар бири-бирин баштан кармап, бири-бирин капталга кылыч менен сайып, бирге өлүштү. Ошондон улам Гибондогу бул жер Хелкат-Атсурим деп аталып калды.

17 Ошол күнү катуу кыргын болду. Абенер ысрайылдык кишилер менен бирге Дөөттүн кулдары тарабынан кыйроого учурады.

18 Ал жерде Серуянын үч уулу бар болчу: Жойап, Абышай жана Асаел. Асаел талаадагы жейрендей тез чуркачу.

19 Абенердин изинен оңго да, солго да бурулбай, Асаел Абенердин артынан кууду.

20 Абенер артына кылчайып карап: «Бул сенсиңби, Асаел?» – деп сурады. Тиги: «Менмин», – деди.

21 Абенер ага: «Оңго же солго бурулуп кет, уландардын арасынан бирөөнү тандап, анын куралын ал», – деди. Бирок Асаел андан калгысы келбеди.

22 Абенер Асаелге дагы бир жолу: «Кууганыңды токтот, болбосо сени жерге сулатып салам. Анан бир тууганың Жойапты кайсы бетим менен карайм?» – деди.

23 Бирок тиги калгысы келген жок. Ошондо Абенер найзанын арткы учу менен аны ичке урду. Найза анын ичин тешип өттү, ал ошол жерге жыгылып жан берди. Асаел жыгылып өлгөн жерден өткөндөрдүн баары токтоп өтүп жатышты.

24 Ошондо Жойап менен Абышай Абенердин артынан түшүштү. Алар Гибон чөлүнө кетчү жолдогу Гийахтын бет маңдайындагы Айма дөңсөөсүнө келгенде, күн батып калган.

25 Бенжеминдиктер Абенердин тегерегине бир топ болуп чогулуп, бир дөбөнүн чокусуна турушту.

26 Абенер Жойапка мындай деп кыйкырды: «Дайыма эле кылычтан кырыла беребизби? Же мунун акыры кайгы менен бүтөрүн билбейсиңби? “Бир туугандарыңардын артынан куубагыла”, – деп, элге качанкыга чейин айтпайсың?»

27 Жойап: «Кудай тирүү! Сен башкача сүйлөгөндө, алар өз бир туугандарынын артынан кууганын эртең менен эле токтотушмак», – деди.

28 Жойап сурнайын алып тартканда, элдин баары токтоп, ысрайылдыктарды андан ары куубай калышты, салгылаш токтоду.

29 Абенер болсо өз кишилери менен түзөң аркылуу түнү бою жүрүп отуруп, Иорданды кечип өтүп, Битронду аралап өтүп, Маханайимге келди.

30 Жойап Абенерди кууганын токтотуп, кайтып келди да, өз кишилерин чогултту. Дөөттүн кулдарынан Асаелден башка он тогуз адам кемигенин тактады.

31 Дөөттүн кулдары болсо бенжеминдиктер менен Абенердин кишилерин өлтүрүштү. Алардын үч жүз алтымыш кишиси өлдү.

32 Асаелди Бейт-Лехемдеги өз атасынын мүрзөсүнө алып барып коюшту. Жойап болсо өз кишилери менен түнү бою жол жүрүп, таңга маал Хебронго келди.

**3-БӨЛҮМ**

**Дөөттүн Хеброндогу үй-бүлөсү**

1 Дөөттүн үй-бүлөсү менен Шабулдун үй-бүлөсүнүн ортосунда узакка созулган чатак болду. Дөөт барган сайын күч алды, Шабулдун тукуму болсо барган сайын алсырады.

2 Хеброндо Дөөттүн уулдары төрөлдү. Анын тун уулу изрейелдик Акинаамдан төрөлгөн Амнон болчу.

3 Ал эми экинчи уулу – Килап, аны мурун Набалдын аялы болгон кармелдик Абигейил төрөгөн, үчүнчүсү – Абышалом, аны Гешур падышасы Талмайдын кызы Мааха төрөгөн.

4 Төртүнчүсү – Кагыт төрөгөн уулу Адония, бешинчиси – Абытал төрөгөн уулу Шепатия.

5 Алтынчысы – Дөөттүн аялы Эгла төрөгөн Итраам. Булар Дөөттөн Хеброндо төрөлүштү.

6 Дөөттүн үй-бүлөсү менен Шабулдун үй-бүлөсүнүн ортосунда чатак болгондо, Абенер Шабулдун үйүн колдочу.

**Абенердин Дөөт тарапка өтүшү**

7 Шабулдун Риспа деген күң аялы бар болчу, ал Айанын кызы эле. Ишпошет Абенерге: «Сен эмне үчүн менин атамдын күң аялына жакындадың?» – деди.

8 Ишпошеттин сөзүнө Абенер абдан ачууланып, мындай деди: «Мен, эмне, Жүйүт итинин башымынбы? Мен Жүйүткө каршы туруп, атаң Шабулдун үй-бүлөсүнө, бир туугандарына, досторуна ушул күнгө чейин жакшылык кылып келдим, сени Дөөттүн колуна салып берген жокмун, сен болсо мени ушул аял үчүн күнөөлөп жатасың.

9-10 “Шабулдун тукумунан падышачылыкты тартып алып, Дөөттү такка отургузам, ал Ысрайылдын жана Жүйүттүн үстүнөн, Дандан Бейер-Шебага чейин падышачылык кылат”, – деп, Теңирдин Дөөткө берген антын аткарбасам, Кудай Абенерди жазаласын, катуу жазаласын!».

11 Ишпошет Абенерге каршы сүйлөй алган жок, анткени андан коркчу.

12 Абенер өзүнөн Дөөткө элчилерди жиберип: «Бул кимдин жери? Мени менен келишим түз, Ысрайылдын бүт элин сага каратыш үчүн, менин колум сени менен болот», – деп айттырды.

13 Дөөт мындай деди: «Макул, мен сени менен келишим түзөм, бирок сенден бир нерсени талап кылам: мени менен көрүшкөнү келгенде, өзүң менен кошо Шабулдун кызы Михалды алып келбесең, менин жүзүмдү көрбөйсүң».

14 Дөөт Шабулдун уулу Ишпошетке элчилеринен: «Менин аялым Михалды бер, аны мен жүз пелиштиликтин сүннөтүн кескендигим үчүн алгам», – деп айттырып жиберди.

15 Ишпошет киши жиберип, күйөөсүнөн – Лаиштин уулу Палтиелден Михалды алдырды.

16 Күйөөсү ыйлап, аялынын артынан Бакуримге чейин ээрчип барды. Бирок Абенер ага: «Артыңа кайт», – деди. Ал артка кайтты.

17 Абенер Ысрайыл аксакалдарына мындай деп кайрылды: «Силер Дөөттүн өзүңөргө падыша болушун ушуга чейин каалап келгенсиңер.

18 Эми ишке ашыргыла, анткени Теңир Дөөткө: “Мен Өз кулум Дөөттүн колу менен Өз элим Ысрайылды пелиштиликтердин колунан, бардык душмандарынын колунан куткарам”, – деп айткан».

19 Бенжеминдиктерге да Абенер ушуну айтты. Ошентип, Абенер Ысрайылдын жана бүт Бенжемин уруусунун каалоосун Дөөткө айтып берүү үчүн, Хебронго жөнөдү.

20 Абенер өзүнүн жыйырма кишиси менен Дөөткө, Хебронго келди, Дөөт Абенердин жана анын жанындагы адамдардын урматына той өткөрдү.

21 Ошондо Абенер Дөөткө: «Мен барып, бүтүн Ысрайыл элин чогултуп, менин мырзама, падышага, алып келейин. Алар сени менен келишим түзүшөт, сен бардыгына өзүң каалагандай падышачылык кыласың», – деди. Дөөт Абенерди коё берди, ал тынчтык менен кетти.

22 Ошондо Дөөттүн кулдары жана Жойап жортуулдан көп олжо менен келишти. Хеброндо, Дөөттүн жанында Абенер жок болчу, анткени Дөөт аны коё берген, ал тынчтык менен кеткен.

23 Жойап жана аны менен жүргөн бүт аскерлер келишкенде, Жойапка: «Падышага Нейир уулу Абенер келип кетти, падыша аны коё берди, ал тынчтык менен кетти», – деп айтышты.

24 Жойап падышага келип, мындай деди: «Сен эмне кылдың? Абенер сага келип кетиптир. Аны эмне үчүн коё бердиң, эмне үчүн кетирип жибердиң?

25 Нейир уулу Абенерди сен жакшы билесиң да. Ал сени алдаганы, киргениңди, чыкканыңды билгени, эмне кылып жатканыңдын баарын изилдеп билгени келген».

26 Анан Жойап Дөөттүн жанынан кетип, Абенердин артынан чабармандарды жиберди. Асир кудугуна жеткенде, аны артка кайттырышты. Бирок Дөөт муну билген жок.

**Жойаптын Абенерди өлтүрүшү**

27 Абенер Хебронго кайра келгенде, Жойап аны менен атайын жашыруун сүйлөшөм демиш болуп, аны короого киргизип, ичке сайып өлтүрдү. Ошентип, Абенер Жойаптын бир тууганы Асаелдин каны үчүн каза тапты.

28 Дөөт бул жөнүндө укканда, мындай деди: «Нейир уулу Абенердин каны үчүн Теңир алдында мен да, менин падышачылыгым да эч качан күнөөлүү эмес.

29 Анын каны үчүн Жойап жана анын атасынын бүт тукуму күнөөлүү болсун. Жойаптын тукумунан эрендиги аккандар, пес оорулуулар, таяк таянгандар, кылычтан өлгөндөр, нанга муктаж болгондор үзүлбөсүн».

30 Жойап менен Абышай Гибондогу салгылашта өздөрүнүн бир тууганы Асаелди өлтүргөнү үчүн Абенерди өлтүрүштү.

31 Дөөт Жойапка жана анын жанындагы кишилердин баарына: «Кийимиңерди айрыгыла да, зумбал кийип, Абенерди жоктоп ыйлагыла», – деди. Падыша Дөөт да сөөктүн артында бара жатты.

32 Хеброндо Абенерди көргө коюп жатышканда, Абенердин мүрзөсүнүн жанында падыша катуу ыйлады. Элдин баары ыйлады.

33 Падыша Абенерди жоктоп мындай деп ыйлады: «Абенер ушинтип жүзү карага окшоп өлөт беле?

34 Колуң байланган жок, бутуң кишенделген жок. Сен каракчылардын колунан өлгөндөй өлдүң». Ошондо элдин баары ыйлашты.

35 Эртеден кечке бүткүл эл Дөөткө тамак алып келип жатышты, бирок Дөөт: «Эгер мен күн батканга чейин нан же башка бир нерсе ооз тийсем, Кудай мени жазаласын, катуу жазаласын», – деп ант берди.

36 Падышанын кылган бардык иши бүт элге жаккандай эле, бул ишин да бүт эл жактырды.

37 Нейир уулу Абенерди падыша өлтүртпөгөнүн бардык эл жана бүт Ысрайыл ошол күнү билди.

38 Анан падыша өзүнүн кулдарына мындай деди: «Бүгүн Ысрайылда аскер башчы, улуу адам өлгөнүн билдиңерби?

39 Падышачылыкка майланганыма карабастан, мен азыр али алсызмын. Ал эми бул кишилер, Серуянын уулдары менден күчтүү. Теңир ушул жамандыкты кылган адамга кылган жамандыгына жараша тиешесин берсин».

**4-БӨЛҮМ**

**Ишпошеттин өлтүрүлүшү**

1 Хеброндо Абенердин өлгөнүн укканда, Шабулдун уулу Ишпошеттин ындыны өчтү, бүт Ысрайылдын үрөйү учту.

2 Шабулдун уулу Ишпошеттин эки аскер башчысы бар эле. Бирөөнүн аты – Баана, экинчисинин аты – Рейхап, алар – Ремондун уулдары, бейроттук Бенжеминдин тукумунан. Анткени Бейрот да Бенжеминге таандык болчу.

3 Бейроттуктар Гитайимге качып кетишип, ошол жерде келгин болуп жашап калышкан.

4 Шабулдун уулу Жонатандын аксак баласы бар эле. Изрейелден Шабул менен Жонатан жөнүндө кабар келгенде, баккан аял аны алып качканда, ал беште болчу. Аял шашып чуркап бара жатканда, бала жыгылып кетип, аксак болуп калган. Анын аты Мепибешет эле.

5 Бейроттук Ремондун уулдары Рейхап менен Баана күн ысыган маалда Ишпошеттин үйүнө келишти. Ал чак түштө төшөгүндө уктап жаткан.

6 Рейхап бир тууганы Баана менен буудай алганы келген болуп, үйдүн ичине киришти да, аны ичке сайып, качып кетишти.

7 Алар үйгө киришкенде, Ишпошет өзүнүн уктоочу бөлмөсүндөгү төшөгүндө жаткан. Алар аны сайып өлтүрүп, башын кесип алышты да, түнү бою чөл менен жол жүрүштү.

8 Ишпошеттин башын Дөөткө, Хебронго алып келишти да, падышага: «Бул – сени өлтүргүсү келген душманың Шабулдун уулу Ишпошеттин башы. Эми Теңир менин мырзам падыша үчүн Шабулдан жана анын тукумунан өч алды», – деп айтышты.

9 Ошондо Дөөт Рейхапка жана анын бир тууганы Баанага, бейроттук Ремондун уулдарына, мындай деди: «Менин жанымды бардык кайгыдан куткарган Теңир тирүү!

10 Мага "Шабул өлдү" деген кабарды айтып, өзүн жакшы кабарчы эсептеген адамга сыйлык бергендин ордуна аны кармап алып, Сыклакта өлтүргөм.

11 Эми күнөөсү жок адамды өз үйүндө, өз төшөгүндө жаткан жеринен өлтүргөн кара санатай кишилерди анын каны үчүн кантип жазалабай коёюн да, кантип жер үстүнөн жок кылбай коёюн?»

12 Дөөттүн буйругу боюнча кулдары аларды өлтүрүп, буту-колдорун кыя чабышты да, Хеброндогу көлмөнүн үстүнө илип коюшту. Ал эми Ишпошеттин башын Абенердин мүрзөсүнө, Хебронго алып барып коюшту.

**5-БӨЛҮМ**

**Дөөттүн Ысрайылга падыша болушу**

1 Ысрайылдын бардык уруулары Хебронго, Дөөткө келишти да, минтип айтышты: «Биз сенин сөөгүңбүз жана денеңбиз.

2 Шабул бизге падышачылык кылып турганда эле сен Ысрайылды баштап жүрчүсүң. Теңир сага: "Сен Менин элим Ысрайылды кайтарасың, Ысрайылдын жол башчысы болосуң", – деп айткан».

3 Ысрайылдын бардык аксакалдары падышага, Хебронго келишти. Дөөт падыша Хеброндо, Теңирдин алдында алар менен келишим түздү. Ошондо алар Дөөттү Ысрайылга падыша кылып майлашты.

4 Дөөт падыша болгондо, отуз жашта эле. Ал кырк жыл падышачылык кылды.

5 Ал Хеброндо Жүйүткө жети жыл, алты ай падышачылык кылды, Ысрайыл менен Жүйүткө Иерусалимде отуз үч жыл падышачылык кылды.

**Иерусалим – бириккен падышачылыктын борбору**

6 Падыша өзүнүн кишилери менен Иерусалимге, ал жерде жашаган жебустуктарга каршы жөнөдү. Бирок алар Дөөткө мындай деп айтышты: «Сен бул жакка кирбейсиң. Сени сокурлар менен төкөрлөр кууп чыгышат». Бул «Дөөт бул жакка кире албайт» дегенди билдирет.

7 Бирок Дөөт Сион сепилин басып алды. Кийин ал Дөөттүн шаары болуп калды.

8 Дөөт ошол күнү: «Жебустуктарды өлтүрүп жаткан адам төкөрлөрдү, сокурларды, Дөөттү жек көргөндөрдү найза менен кырсын», – деди. Ошондон улам «Теңирдин үйүнө сокур менен төкөр кирбейт» деп айтылып калган.

9 Дөөт сепилге жайгашты, аны Дөөттүн шаары деп атады, Милодон тартып айландыра курду жана ичин курду.

10 Дөөт чоң ийгиликтерге жетип, зоболосу көтөрүлө берди, Себайот Кудай-Теңир аны менен болду.

11 Тир падышасы Хирам Дөөткө элчилерди, кедр жыгачтарын, жыгач усталарын, таш тизүүчү жумушчуларын жиберди. Алар Дөөткө үй куруп беришти.

12 Ысрайылга падыша кылып дайындаган, Өз эли Ысрайыл үчүн падышачылыгынын зоболосун көтөргөн Теңир экенин Дөөт түшүндү.

13 Дөөт Хеброндон Иерусалимге келгенден кийин, өзүнө дагы күң аялдарды жана аялдарды алды.

14 Дөөт дагы көп уулдуу жана кыздуу болду. Анын Иерусалимде төрөлгөн балдарынын аттары мындай: Шамуя, Шобап, Натан, Сулайман,

15 Жибхар, Элишуа, Непек, Жапия,

16 Элишама, Элийада, Элипелет.

**Пелиштиликтер менен болгон согуш**

17 Пелиштиликтер Дөөттүн Ысрайылга падыша болуп майланганын угушканда, бардыгы Дөөттү издеп чыгышты. Дөөт муну угуп, сепилге кетти.

18 Пелиштиликтер келип, Репа өрөөнүнө жайланышышты.

19 Ошондо Дөөт Теңирге кайрылып: «Мен пелиштиликтерге каршы барайынбы? Аларды менин колума салып бересиңби?» – деп сурады. Теңир Дөөткө: «Баргын, анткени Мен пелиштиликтерди сенин колуңа салып берем», – деп жооп берди.

20 Дөөт Баал-Ператсимге жөнөп, ал жерден аларды талкалады да: «Теңир менин алдымда душмандарымды сел алгандай кыйратты», – деди. Ошондон улам ал жерге Баал-Ператсим деген ат берилди.

21 Пелиштиликтер ошол жерге өздөрүнүн буркандарын таштап кетишкен эле. Дөөт болсо өз кишилери менен аларды алып кетти.

22 Пелиштиликтер кайра келишти да, Репа өрөөнүнө жайланышышты.

23 Дөөт Теңирден сурады. Ал ага мындай деп жооп берди: «Алардын алдынан чыкпа, артынан, тыт токою жактан кир.

24 Тыт жыгачтарынын үстүнөн бирөөнүн басып келе жаткандай болгон дабышын угарың менен жөнө, анткени ошондо Теңир сенин алдыңда пелиштиликтердин аскерин талкалаоого бара жаткан болот».

25 Теңир кандай буйруса, Дөөт ошондой кылды. Ал пелиштиликтерди талкалап, Гебадан Гезерге чейин кууп барды.

**6-БӨЛҮМ**

**Дөөттүн Иерусалимге келишим сандыгын алып келиши**

1 Дөөт кайрадан Ысрайылдын тандалган отуз миң адамын чогултту.

2 Дөөт туруп, өзүнүн бүт эли менен керуптардын ортосундагы Себайот Теңирдин ысымы менен аталган Кудайдын келишим сандыгын Жүйүттүн Баал жеринен көчүрүп келүү үчүн жөнөдү.

3 Алар Кудайдын келишим сандыгын жаңы арабага салып, адырдагы Аминадаптын үйүнөн алып чыгышты. Аминадаптын уулдары Уза менен Ахио болсо жаңы арабаны айдап бара жатышты.

4 Ошентип, Кудайдын келишим сандыгы салынган арабаны адырдагы Аминадаптын үйүнөн алып жөнөштү. Ахио келишим сандыгынын алдында бара жатты.

5 Дөөт менен бүт Ысрайыл уулдары Теңирдин алдында кипарис жыгачынан жасалган ар түрдүү музыкалык аспаптарда ойноп, лира, арфа чертип, забур ырдап, дап кагып, шылдырак уруп, жез табак кагып бара жатышты.

6 Нахондун кырманына жетишкенде, Уза колун сунуп, Кудайдын келишим сандыгын кармап калды, анткени аны өгүздөр солкулдатып жиберген эле.

7 Бирок Теңир Узага каарданып, аны коркпой батынгандыгы үчүн ошол жерден эле өлтүрүп салды, ал Кудайдын келишим сандыгынын жанында өлдү.

8 Теңир Узаны өлтүрүп салганы үчүн Дөөт кайгыга батты. Ошол жер азыркыга чейин «Уза өлгөн жер» деп аталат.

9 Ошол күнү Дөөт Теңирден коркуп: «Теңирдин келишим сандыгы меникине кантип кирет?» – деди.

10 Дөөт Теңирдин келишим сандыгын өзүнө, Дөөттүн шаарына алып барууну каалабай, гаттык Абет-Эдомдун үйүн көздөй алып жөнөдү.

11 Ошентип, Теңирдин келишим сандыгы гаттык Абет-Эдомдун үйүндө үч ай турду. Теңир Абет-Эдомго жана анын бүт үй-бүлөсүнө батасын берди.

**Келишим сандыгын көчүрүп келүү**

12 Дөөт падышага: «Кудайдын келишим сандыгы үчүн Теңир Абет-Эдомдун үй-бүлөсүнө жана анын бардык нерсесине батасын берди», – деп билдиришкенде, Дөөт барып, Кудайдын келишим сандыгын Абет-Эдомдун үйүнөн Дөөттүн шаарына салтанат менен көчүрүп келди.

13 Теңирдин келишим сандыгын көтөрүп бара жаткандар алты кадам шилтеген сайын ал бир букачар, бир койду курмандыкка чалып жатты.

14 Дөөт Теңирдин алдында жан-дили менен бийлеп жатты. Дөөт зыгыр буласынан токулган эфод кийип жүргөн эле.

15 Ошентип, Дөөт менен бүт Ысрайыл эли Теңирдин келишим сандыгын кубана кыйкырып, сурнай тартып көтөрүп келе жатышты.

16 Теңирдин келишим сандыгы Дөөттүн шаарына киргенде, Шабулдун кызы Михал терезеден карап турган эле. Ал Теңирдин алдында секирип, бийлеп келе жаткан Дөөт падышаны көрүп, аны жүрөгүндө кемсинтти.

17 Алар Теңирдин келишим сандыгын алып келишип, өзүнүн ордуна, Дөөт ал үчүн курган жыйын чатырынын ортосуна коюшту. Анан Дөөт Теңир алдында бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктар менен тынчтык курмандыктарын чалды.

18 Дөөт бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктар менен тынчтык курмандыктарын чалып бүткөндөн кийин, Себайот Теңирдин атынан элге бата берди.

19 Анан ал бардык элге, көп сандаган Ысрайыл элине, эркек дебей, аял дебей, бирден нан, бир кесимден куурулган эт, мейиз кошулган бирден таттуу токоч таратты. Анан бардык эл өз үйлөрүнө тарады.

20 Дөөт өз үй-бүлөсүнө бата берүү үчүн кайтып келгенде, Шабулдун кызы Михал алдынан чыгып: «Жел өпкө адамдай болуп, өз күңдөрүнүн, кулдарынын көз алдында жылаңачтанган Ысрайыл падышасынын бүгүн кадыры укмуш артты го!» – деди.

21 Ошондо Дөөт Михалга мындай деди: «Теңирим мени сенин атаңдан, анын бүт тукумунан артык көрүп, Теңирдин эли Ысрайылга мени жол башчы кылып бекиткендиги үчүн Теңирдин алдында шаттанамын да бийлеймин.

22 Мен мындан да төмөн болуп, өзүмдү санда жок киши кылам, бирок сен айткан күң аялдардын алдында даңкка бөлөнөм».

23 Шабулдун кызы Михал өмүрү өткөнчө балалуу болгон жок.

**7-БӨЛҮМ**

**Дөөттүн ийбадаткана куруу жөнүндөгү ою**

1 Падыша өз үйүндө жашап жатты, Теңир анын айланасындагы бардык душмандарынан ага тынчтык берди.

2 Ошол учурда падыша Натан пайгамбарга мындай деди: «Мен кедр жыгачынан салынган үйдө жашап жатам, ал эми Кудайдын келишим сандыгы чатырдын астында турат».

3 Ошондо Натан падышага: «Жүрөгүңдө эмне болсо, ошонун баарын жаса, анткени Теңир сени менен», – деди.

**Кудайдын Дөөт менен келишим түзүшү**

4 Бирок ошол эле түнү Натанга Теңирден мындай сөз болду:

5 «Баргын да, Менин кулум Дөөткө айт: “Теңир мындай деди де: "Мен жашай турган үйдү кура турган сенсиңби?

6 Ысрайыл уулдарын Мисирден алып чыккан күндөн ушул күнгө чейин Мен үйдө жашаган жокмун, чатырда, жыйын чатырында жашап келдим.

7 Бүткүл Ысрайыл уулдары менен кайсы гана жерде жүрбөйүн, Менин элим Ысрайылды кайтарууга Өзүм дайындаган Ысрайылдын уруусуна: Эмне үчүн Мага кедрден үй куруп бербейсиңер? – деп айттым беле?"”

8 Азыр Менин кулум Дөөткө Себайот Теңир мындай дейт дегин: “Менин элим Ысрайылга жол башчы болушуң үчүн, Мен сени кой короодон алгам.

9 Сен кайда барсаң да, бардык жерде сени менен болдум, сенин алдыңда бардык душмандарыңды кырдым. Сенин атыңды чыгарып, жер үстүндөгү улуу адамдар сыяктуу даңктуу кылдым.

10 Мен Өзүмдүн элим Ысрайыл үчүн жер даярдайм, аны жайгаштырам, ал өз жеринде бейпил жашайт, мындан ары эч ким анын тынчын албайт,

11 Өз элим Ысрайылга башкаруучуларды койгон күндөн тартып, кара ниет адамдар аларды кысымга алып келишкен, мындан ары андай болбойт. Мен сени душмандарыңдан куткарып, тынчтык берем. Теңир сенин үйүңдү Өзү тургузарын сага кабарлайт.

12 Сенин күнүң бүтүп, ата-бабаларың жаткан жайга кеткениңде, сенин ордуңа Мен сенин тукумуңду, уулдарыңдын бирин коём, анын падышачылыгын бекемдейм.

13 Ал Менин ысымыма арнап үй тургузат, Мен анын падышачылык тагын түбөлүккө бекемдейм.

14 Мен ага ата болом, ал Мага уул болот. Эгерде ал күнөө кылса, Мен аны адамдардын таягы менен, адам баласынын соккулары менен жазалайм.

15 Бирок Мен сенин көз алдыңда четке каккан Шабулду Өз ырайымымдан ажыраткандай, аны Өз ырайымымдан ажыратпайм.

16 Менин алдымда сенин тукумуң жана падышачылыгың түбөлүккө бекем болот, тагың түбөлүккө турат”».

17 Ушул айтылган сөздөрдүн баарын, ушул көрүнүштүн баарын Натан Дөөткө айтып берди.

**Дөөттүн сыйынуусу**

18 Дөөт падыша барды да, Теңирдин алдында туруп, мындай деди: «Эгедер Теңирим, Сен мени ушунча көтөргүдөй, мен киммин, менин тукумум ким?

19 Сенин көзүңө бул да аз көрүндү, Эгедер Теңирим, бирок Сен Өзүңдүн кулуңдун тукумунун келечеги жөнүндө да айттың. Эгедер Теңирим, бул адам үчүн кадыресе нерсе эмес!

20 Дөөт Сага дагы эмне деп айта алат? Эгедер Теңирим! Сен Өзүңдүн кулуңду билесиң.

21 Сен бул улуу нерсенин баарын Өз кулуңа ачып берип, Өзүңдүн сөзүң боюнча жана Өзүңдүн жүрөгүңдүн каалоосу боюнча ишке ашырып жатасың.

22 Сен улуусуң, Теңирим, Кудайым, анткени өз кулагыбыз менен уккандарыбыз боюнча Сага тең келген эч ким жок, Сенден башка Кудай жок!

23 Жер жүзүндө Сенин элиң Ысрайылдай эл барбы?! Өзүңө эл кылып алыш үчүн, Өз ысымыңды даңкташ үчүн, Мисир жеринен алып чыккан Өз элиңдин алдында элдерди жана кудайларды кууп чыгып, улуу жана коркунучтуу иштерди кылыш үчүн, жалгыз ушул элге Өзүң келгенсиң!

24 Сен Өз элиң Ысрайылды Өзүңө менчик эл кылып түбөлүккө бекемдедиң, Сен, Теңир, анын Кудайы болдуң.

25 Эми Кудай-Теңир, Өзүңдүн кулуң жөнүндө, анын тукуму жөнүндө айткан сөзүңдү түбөлүккө бекемде, айтканыңды аткар.

26 "Себайот Теңир – Ысрайылдын Кудайы", – деп, Сенин ысымыңды түбөлүккө даңазалашсын. Сенин алдыңда Өз кулуң Дөөттүн тукуму бекем болсун.

27 Сен, Себайот Теңир, Ысрайылдын Кудайы, Өз кулуңа: "Сенин үйүңдү тургузам", – деп айтканың үчүн кулуң Сага ушундай сыйынууга батынды.

28 Эгедер Теңирим! Сен Кудайсың, Сенин сөзүң чындык, Өзүңдүн кулуңа Сен ушундай жакшы нерсени билдирдиң!

29 Дайыма Сенин алдыңда болушу үчүн, ушул күндөн баштап, Өз кулуңдун тукумуна батаңды бер, анткени муну Эгедер Теңирим, Сен айттың, Сенин батаң менен Өз кулуңдун тукуму түбөлүккө баталуу болот».

**8-БӨЛҮМ**

**Дөөттүн жеңиштери**

1 Ушундан кийин Дөөт пелиштиликтерди жеңип, аларды багындырды. Дөөт пелиштиликтерден Метек-Ааманы тартып алды.

2 Мааптыктарды жеңип, аларды жерге жаткырып, аркан менен ченеди. Эки ченем аркандын астындагыларды өлтүрүү үчүн, ал эми бир ченем аркандын астындагыларды тирүү калтыруу үчүн ченеди. Ошентип, мааптыктар Дөөткө салык төлөөчү кулдарга айланышты.

3 Дөөт Эфрат дарыясынын боюна өзүнүн бийлигин калыбына келтирүү үчүн келе жаткан Соба падышасы, Рехоптун уулу Ададезердин аскерин талкалады.

4 Ал анын бир миң жети жүз атчан жоокерин жана жыйырма миң жөө адамын колго түшүрдү. Алардын майдан арабаларын тарткан аттарынын ичинен өзүнүн жүз арабасы үчүн ат калтырып, калган аттардын тарамыштарын кесип салды.

5 Сириянын Дамаск шаарынан Соба падышасы Ададезерге жардамга кишилер келишти, бирок Дөөт сириялыктардын да жыйырма эки миң адамын өлтүрдү.

6 Дөөт Сириянын Дамаск шаарына сакчыларын койду. Ошентип, сириялыктар да Дөөткө салык төлөөчү кулдар болуп калышты. Дөөт кайда гана барбасын, Теңир аны бардык жерде сактап жүрдү.

7 Дөөт Ададезердин кулдарынын алтын калкандарын алып, Иерусалимге алып келди.

8 Ал эми Ададезердин Бетак жана Бейрот шаарларынан Дөөт падыша абдан көп жез алды.

9 Дөөттүн Ададезердин бүт аскерин талкалаганын Хамат падышасы Той укту.

10 Той Дөөттүн Ададезер менен согушуп, аны талкалагандыгы үчүн өзүнүн уулу Адорамды ага салам айтып куттуктоого жөнөттү, анткени Ададезер Той менен согуш жүргүзүп келген эле. Адорамдын колунда болсо күмүштөн, алтындан жана жезден жасалган идиштер бар эле.

11-12 Дөөт падыша өзү жеңген элдерден: сириялыктардан, мааптыктардан, амондуктардан, пелиштиликтерден, амалыктыктардан, Соба падышасы Рехоптун уулу Ададезерден тартып алган күмүш менен алтынды Теңирге арнагандай, ошол идиштерди да Теңирге арнады.

13 Туздуу өрөөнүндө он сегиз миң сириялыкты талкалап келгенден кийин, Дөөттүн атагы чыкты.

14 Анан Дөөт Эдомго сакчыларын койду. Бүткүл Эдомго сакчыларын койду, бүткүл эдомдуктар Дөөткө кул болушту. Дөөт кайсы жерге барбасын, Теңир аны бардык жерде сактап жүрдү.

15 Ошентип, Дөөт бүт Ысрайылга падышачылык кылды. Ал өз элин адилеттүүлүк жана калыстык менен башкарды.

16 Серуянын уулу Жойап болсо аскер башчы болчу. Акилуттун уулу Жошапат тарыхчы эле.

17 Акитуптун уулу Садок жана Абыйатардын уулу Акимелек ыйык кызмат кылуучулар, Серая болсо катчы болчу.

18 Жойаттын уулу Беная болсо керейликтер менен пелейликтердин үстүнөн башкаруучу, Дөөттүн уулдары падыша сарайында биринчи кызматчылар эле.

**9-БӨЛҮМ**

**Дөөт менен Мепибешет**

1 Дөөт: «Шабулдун тукумунан калдыбы? Жонатан үчүн ага жакшылык кылат элем», – деди.

2 Шабулдун үйүндө Сиба деген кулу бар болчу. Аны Дөөткө чакырып келишти, падыша андан: «Сиба деген сенсиңби?» – деп сурады. Ал: «Ооба, менмин, сенин кулуң», – деп жооп берди.

3 Падыша ага мындай деди: «Шабулдун тукумунан дагы ким бар? Мен ага Кудайдын ырайымын көрсөтөм». Сиба падышага: «Жонатандын аксак уулу бар», – деди.

4 Падыша андан: «Ал кайда?» – деп сурады. Сиба падышага: «Ал Амиелдин уулу Махирдин үйүндө, Ло-Дебарда», – деп жооп берди.

5 Дөөт падыша киши жиберип, аны Амиелдин уулу Махирдин үйүнөн, Ло-Дебардан алдырды.

6 Шабулдун небереси, Жонатандын уулу Мепибешет Дөөттүн алдына келип, жүзтөмөндөп жыгылып таазим кылды. Дөөт: «Мепибешет!» – деди. Мепибешет: «Мына сенин кулуң», – деп жооп берди.

7 Дөөт ага: «Коркпо, мен сага сенин атаң Жонатан үчүн жакшылык кыламын. Атаң Шабулдун жерлеринин баарын сага кайрып берем, сен дайыма менин дасторконумдан тамактанасың», – деди.

8 Ошондо Мепибешет таазим кылып: «Сенин кулуң ким эле? Мендей өлгөн итке эмнеге көз кырыңды салдың?» – деди.

9 Анан падыша Шабулдун кулу Сибаны чакырып, мындай деди: «Шабулга жана анын тукумуна эмне тиешелүү болсо, ошонун баарын сенин мырзаңдын уулуна бердим.

10 Балдарың жана кулдарың менен анын жерин иштеткин, анын түшүмүн жыйна, мырзаңдын уулунун жээр азыгы болсун. Мырзаңдын уулу Мепибешет болсо дайыма менин дасторконумдан тамактанат». Сибанын он беш уулу жана жыйырма кулу бар эле.

11 Сиба падышага: «Мырзам падыша өз кулуна эмнени буйрук кылса, кулуң ошонун баарын аткарат», – деди. Падышанын балдарынын бириндей эле, Мепибешет Дөөттүн дасторконунан тамактанчу.

12 Мепибешеттин Миха деген жаш баласы бар эле. Сибанын үйүндө жашагандардын баары Мепибешеттин кулдары эле.

13 Мепибешет Иерусалимде жашады, анткени ал дайыма падышанын дасторконунан тамактанчу. Ал эки бутунан тең аксап басчу.

**10-БӨЛҮМ**

**Сириялыктар жана амондуктар менен болгон согуш**

1 Бир нече мезгил өткөндөн кийин Амон падышасы өлүп, анын ордуна уулу Ханун падыша болду.

2 Дөөт: «Атасынын мага кылган жакшылыгы үчүн, мен Нахаштын уулу Ханунга жакшылык кыламын», – деди. Дөөт Ханунга көңүл айтуу үчүн, өз кулдарын жиберди. Дөөттүн кулдары Амон жерине келишти.

3 Бирок Амон төрөлөрү өздөрүнүн мырзасы Ханунга мындай дешти: «Эмне, Дөөт сенин атаңды сыйлаганынан сага көңүл айтуучуларды жиберди деп ойлоп жатасыңбы? Дөөт сага өз кулдарын шаарды карап чыгууга, чалгындоого, андан соң талкалоого жиберип жүрбөсүн?»

4 Ошондо Ханун Дөөттүн кулдарын кармап алып, алардын ар биринин сакалынын жарымын кырып, кийимдерин белинен ылдый кесип, коё берди.

5 Бул жөнүндө Дөөткө билдиришкенде, ал алардын алдынан тосууга кишилерди жиберди, анткени алар маскара болушкан эле. Падыша аларга мындай деп айттырууну буйруду: «Сакалыңар өскүчө, Жериходо тура тургула, анан кайтып келгиле».

6 Амондуктар өздөрүнүн Дөөткө жек көрүндү болуп калышканын билип, Бейт-Рекоп менен Собадан сириялык жыйырма миң жөө аскер, Мааха падышасынан миң адам, Тобадан он эки миң адам жалдаганы кишилерди жиберишти.

7 Дөөт муну укканда, Жойапты эр жүрөк аскерлери менен жөнөттү.

8 Салгылашууга чыккан амондуктар дарбаза алдына тизилишти, ал эми Рехоп менен Собадан келген сириялыктар, Мааха менен Тобадан келген кишилер талаада турушту.

9 Жойап душмандын аскеринин алдынан да, артынан да өзүнө каршы коюлганын көрдү. Ошондо ал Ысрайылдын тандамал жоокерлеринин ичинен мыктыларын тандап алып, сириялыктарга каршы катарга тургузду.

10 Ал эми элдин калган бөлүгүн өзүнүн бир тууганы Абышайга тапшырды, аларды ал амондуктарга каршы тизди.

11 Жойап мындай деди: «Эгер сириялыктар мени жеңип бара жатса, сен мага жардамга келесиң; эгер амондуктар сени жеңе баштаса, мен сага жардамга келем.

12 Кайраттуу болгун, өз элибиз үчүн, Кудайыбыздын шаарлары үчүн бекем туралы, Теңир болсо Өзүнө жакканды кылат».

13 Ошентип, Жойап жанындагы эл менен сириялыктарга каршы согушка кирди, сириялыктар андан качып жөнөштү.

14 Амондуктар болсо сириялыктардын качканын көргөндө, Абышайдан качып, шаарга бет алышты. Жойап амондуктардан кайтып, Иерусалимге келди.

15 Сириялыктар өздөрүнүн ысрайылдыктардан жеңилгенин көргөндө, баары бир жерге чогулду.

16 Ададезер суунун аркы өйүзүндөгү сириялыктарды чакырууга киши жиберди. Алар Хейламга келишти. Ададезердин аскер башчысы Шобак болсо аларга жетекчилик кылды.

17 Дөөткө бул жөнүндө билдиргенде, ал ысрайылдыктардын бардыгын жыйнап, Иордандан өтүп, Хейламга келди. Сириялыктар Дөөткө каршы тизилип, аны менен салгылашышты.

18 Бирок сириялыктар ысрайылдыктардан качып жөнөштү. Дөөт сириялыктардын жети жүз майдан арабасы менен кырк миң атчан жоокерин жок кылды. Аскер башчы Шобакты да өлтүрдү, ал ошол жерде өлдү.

19 Ададезерге баш ийген бардык падышалар өздөрүнүн ысрайылдыктардан жеңилгенин көрүшкөндө, алар менен тынчтык келишимин түзүп, багынып беришти. Ошондон кийин сириялыктар амондуктарга жардам берүүдөн коркуп калышты.

**11-БӨЛҮМ**

**Дөөттүн күнөөсү**

1 Бир жылдан кийин, падышалар жортуулга чыкчу учурда Дөөт Жойапты өзүнүн кулдары жана бардык ысрайылдыктар менен жөнөттү. Алар амондуктарды талкалап, Рабени курчап алышты. Дөөт болсо Иерусалимде калган.

2 Бир күнү Дөөт кечке жуук төшөгүнөн туруп, падыша сарайынын чатырында ары-бери басып жүрүп, сууга түшүп жаткан бир аялды көрдү. Ал аял абдан сулуу эле.

3 Дөөт анын кайсы аял экенин билүүгө киши жиберди. Ага: «Ал – Элиямдын кызы, хеттик Урийдин аялы Бат-Шеба», – деп айтышты.

4 Дөөт аялды алып келүүгө кулдарын жиберди. Аял ага келди, ал аны менен жатты. (Аял өзүнүн таза эместигинен тазаланды). Анан ал үйүнө кайтты.

5 Аялдын боюна бүттү. Ал Дөөткө киши жиберип: «Менин боюмда бар», – деп айттырды.

6 Дөөт Жойапка киши жиберип: «Хеттик Урийди мага жибер», – деп айттырды. Жойап Урийди Дөөткө жиберди.

7 Урий келгенде, Дөөт андан Жойаптын, элдин абалы жана согуштун жүрүшү тууралуу сурады.

8 Анан Дөөт Урийге: «Үйүңө барып, бутуңду жуу», – деди. Урий падышанын үйүнөн чыкты, падыша анын артынан белек берип жиберди.

9 Бирок Урий өз мырзасынын кулдары менен падыша үйүнүн дарбазасынын жанында уктады, үйүнө барган жок.

10 Дөөткө: «Урий үйүнө барган жок», – деп билдиришти. Ошондо Дөөт Урийден: «Жол жүрүп келдиң. Эмне үчүн үйүңө барган жоксуң?» – деп сурады.

11 Урий Дөөткө: «Келишим сандыгы да, Ысрайыл да, Жүйүт да чатырларда болсо, Жойап мырзам, мырзамдын кулдары майдан талаасында жүрсө, мен үйүмө барып, ичип-жеп, аялым менен жатмак белем! Сенин өмүрүң менен, сенин жаның менен ант берем, андай кылбайм», – деп жооп берди.

12 Дөөт Урийге: «Бүгүн да бул жерде кал, эртең мен сени коё берем», – деди. Ошентип, ошол күнү да, эртеси күнү да Урий Иерусалимде калды.

13 Дөөт аны чакырды, Урий анын алдында ичип-жеди, Дөөт аны мас кылды. Бирок Урий кечинде мырзасынын кулдары менен өз төшөгүнө жатканы кетти, үйүнө барган жок.

14 Эртең менен Дөөт Жойапка кат жазып, аны Урийден берип жиберди.

15 Ал катка мындай деп жазган эле: «Урийди эң катуу салгылаш болуп жаткан жерге койгула, өлүмгө дуушар болушу үчүн, аны жалгыз калтыргыла, ал майданда өлсүн».

16 Ошон үчүн Жойап өзү курчап алган шаардын эр жүрөк адамдары турган жерге Урийди койду.

17 Ошол шаардын эли чыгып, Жойап менен салгылашты, Дөөттүн кулдарынан да, элден да бир нече адам курман болду. Хеттик Урий да өлдү.

18 Жойап Дөөткө согуштун жүрүшү жөнүндө толук маалымат бериш үчүн киши жөнөттү.

19 Чабарманга мындай буйрук кылды: «Падышага жалпы согуштун жүрүшүн айтып бүткөндө,

20 падыша ачууланып, сага: “Эмне үчүн силер шаарга ошончолук жакын барып согуштуңар? Силерди дубалдын үстүнөн атышарын билген жоксуңарбы?

21 Жеруп-Баалдын уулу Абы-Мелекти ким өлтүрдү эле? Ал Тейбесте бир аял жаргылчактын ташынын сыныгын дубалдан таштап жибергенде өлбөдү беле. Дубалга эмнеге ошончолук жакын бардыңар?” – деп айтса, сен: “Кулуң хеттик Урий да өлдү”, – де».

22 Чабарман Дөөткө келип, Жойап эмне үчүн жибергенин, согуштун жүрүшү жөнүндө толук маалымат берди.

23 Ошондо чабарман Дөөткө мындай деди: «Тигилер бизге каршы талаага чыгышты, бирок биз аларды дарбазага чейин кууп бардык.

24 Ошондо жаа тарткычтар кулдарыңа дубалдан жебе тартышты, падышанын кулдарынан кээ бирөөлөрү өлүштү. Алардын ичинен кулуң хеттик Урий да өлдү».

25 Дөөт ошондо чабарманга мындай деди: «Жойапка айт: “Мейли, бул иш үчүн сен кыйналбай эле кой, анткени кылыч бирде тигинин, бирде мунун башын кыят. Шаарга каршы согушту күчөтүп, аны кыйрат”. Сен ага ушинтип кайрат бер».

26 Урийдин аялы күйөөсү өлгөнүн угуп, күйөөсүн жоктоп ыйлады.

27 Аза күтүү убактысы бүткөндөн кийин, Дөөт киши жиберип, аны өз үйүнө алдырды. Ошентип, ал анын аялы болуп калды. Ал ага уул төрөп берди. Бирок Дөөттүн бул кылганы Теңирдин алдында жийиркеничтүү болчу.

**12-БӨЛҮМ**

**Дөөттүн күнөөсүн мойнуна алып өкүнүшү**

1 Теңир Натанды Дөөткө жиберди. Ал ага келип, мындай деди: «Бир шаарда эки адам болуптур, бири бай, бири кедей экен.

2 Бай адамдын абдан көп майда жандыктары, бодо малы бар экен.

3 Ал эми кедейдин сатып алган козусунан башка эч нерсеси жок эле. Ал аны багып, балдары менен бирге чоңойткон. Ал эмне жесе, козу да ошондон жеп, анын чөйчөгүнөн ичип, койнуна жатып, кызындай болуп калган.

4 Бай адамдыкына бир жолоочу келет. Ал өзүнүкүнө келген жолоочудан өз койлору менен өгүздөрүн аяп, кедейдин козусун алып, келген кишиге бышырып берет».

5 Дөөт ошол адамга абдан кыжырданып, Натанга мындай деди: «Теңир тирүү! Муну кылган адам өлүмгө татыктуу.

6 Ал бул кылганы үчүн, таш боордугу үчүн козунун ордун төрт эсе төлөп берсин».

7 Ошондо Натан Дөөткө мындай деди: «Ошол киши сенсиң. Ысрайылдын Кудай-Теңири мындай дейт: “Мен сени Ысрайылга падыша кылгам, Мен сени Шабулдун колунан куткаргам.

8 Сага мырзаңдын үйүн жана аялдарын бердим, Ысрайыл менен Жүйүт тукумун бердим, эгерде бул сага аздык кылса, анын үстүнө дагы көп нерсени кошуп берет элем.

9 Теңирдин алдында жаман иш кылып, Анын сөзүн эмнеге барк алган жоксуң? Хеттик Урийди кылыч менен өлтүрдүң, анын аялын өзүңө аял кылып алдың, аны амондуктардын кылычы менен өлтүрдүң.

10 Мени барк албаганың үчүн, Урийдин аялын алып алганың үчүн, эми сенин тукумуңдан эч качан кылыч кетпейт”».

11 Теңир мындай дейт: «Мен сага өз тукумуң жамандык кылгыдай кылам, өзүңдүн көз алдыңда аялдарыңды алып, жакыныңа берем, ал сенин аялдарың менен ачык эле жатат.

12 Сен жашыруун жасадың, ал эми Мен муну бүткүл Ысрайыл алдында ачык жасайм».

13 Ошондо Дөөт Натанга: «Мен Теңирдин алдында күнөө кылдым», – деди. Натан Дөөткө: «Теңир күнөөңдү кечирди, сен өлбөйсүң.

14 Бирок ушул ишиң менен душмандарынын Теңирди жамандоосуна себепкер болгонуң үчүн, төрөлгөн балаң өлөт», – деди.

15 Анан Натан өз үйүнө кайтты. Теңир Урийдин аялы төрөгөн Дөөттүн баласына оору жиберди, ал ооруп калды.

16 Дөөт наристе үчүн Кудайга сыйынып, орозо кармап, өзүнчө бөлүнүп, жерге жатып түн өткөрдү.

17 Жаткан жеринен тургузууга өз уруусундагы аксакалдар киришти, бирок ал тургусу келген жок, алар менен тамактанган жок.

18 Жетинчи күнгө караган күнү бала өлдү, кулдары баланын өлгөнүн Дөөткө угузуудан коркушту, анткени алар: «Бала тирүү кезинде эле, биз ага айтканбыз, бирок ал бизди укпай койгон. Эми “Бала өлдү” деп кантип айтабыз? Ал өзүнө залал келтирип коёт», – дешти.

19 Дөөт кулдарынын бири-бири менен шыбырашып турганын көрүп, баланын өлгөнүн түшүндү да, алардан: «Бала өлдүбү?» – деп сурады. Алар: «Ооба, өлдү», – деп жооп беришти.

20 Ошондо Дөөт жерден туруп, жуунуп, майланып, кийимин которду да, Теңирдин үйүнө барып, Теңирге таазим кылды. Үйүнө кайтып, тамак сурады. Ага тамак алып келишти, ал жеди.

21 Ошондо кулдары андан: «Бала тирүүсүндө, сен орозо кармап ыйладың, ал эми бала өлгөндөн кийин туруп тамактандың. Муну кандай түшүнсө болот?» – деп сурашты.

22 Дөөт мындай деп жооп берди: «Бала тирүүсүндө мен орозо кармап ыйладым, анткени ким билет, балким, Теңир мага ырайым кылып, бала тирүү калабы деп ойлодум.

23 Эми ал өлдү. Эмнеге орозо кармамак элем? Эми мен аны кайра алып келе алмак белем? Мен ага барам, ал болсо мага кайрылып келбейт».

**Сулаймандын төрөлүшү**

24 Дөөт Бат-Шебаны сооротуп, аны менен жатты. Ал уул төрөп, атын Сулайман койду. Теңир Сулайманды сүйдү.

25 Теңир Натан пайгамбарды жиберди, ал Теңирдин сөзү боюнча наристеге Жедидия деген ат койду.

**Дөөт менен Жойаптын Рабени басып алуусу**

26 Жойап амондуктарга кол салып, падыша шаары Рабени басып алды.

27 Анан Жойап Дөөткө мындай деп айттырып жиберди: «Мен Рабеге кол салып, шаардын суусун ээлеп алдым.

28 Эми калган элди чогултуп, шаарды курчап, аны каратып ал, анткени аны мен алсам, анда ага менин атым коюлат».

29 Дөөт бүткүл элди чогултту да, барып, Рабеге кол салып, шаарды басып алды.

30 Дөөт алардын падышасынын башындагы таажысын алып, аны өз башына кийди. (Таажы бир талант алтындан, кымбат баалуу таштардан жасалган эле). Дөөт ал шаардан көп олжо алып чыкты.

31 Дөөт ал шаардын элин алып чыгып, араа, темир мала, темир балта менен иштетти, мешке кыш бышыртты. Амондуктардын бардык шаарларын ал ушундай кылды. Ошондон кийин Дөөт бүт эли менен Иерусалимге кайтып келди.

**13-БӨЛҮМ**

**Амнондун кылмышы**

1 Ошондон кийин мындай окуя болду: Дөөттүн уулу Абышаломдун Тамар деген сулуу карындашы бар эле. Дөөттүн уулу Амнон аны сүйүп калды.

2 Амнон карындашы Тамар үчүн аябай кайгыргандыктан, ооруп калды, анткени ал кыз эле, ага бир нерсе кылуу Амнон үчүн кыйын сезилчү.

3 Амнондун Жонадап деген абдан айлакер досу бар болчу. Ал Дөөттүн бир тууганы Шимдин уулу эле.

4 Ал Амнондон: «Күн өткөн сайын эмнеге арыктап бара жатасың, канзаада, мага ачык айта алар бекенсиң?» – деп сурады. Амнон: «Аталаш агам Абышаломдун карындашы Тамарды сүйүп калдым», – деп жооп берди.

5 Жонадап ага мындай деди: «Төшөгүңө жатып, оорумуш болуп кал. Атаң сени көргөнү келгенде: “Карындашым Тамар келип, мага тамак берсин. Ал менин көзүмчө тамак жасасын, мен көрүп турайын, анын колунан тамак жейин”, – деп айт».

6 Ошентип, Амнон жатып, оорумуш болуп калды. Ошондо падыша аны көргөнү келди. Амнон падышага мындай деди: «Карындашым Тамар келсин, менин көзүмчө бир-эки нан бышырып берсин, мен анын колунан нан жейин».

7 Дөөт Тамардын үйүнө: «Бир тууганың Амнондун үйүнө барып, ага тамак жасап бер», – деп айттырып жиберди.

8 Тамар агасы Амнондукуна барды. Ал төшөктө жаткан. Ал ун алып, камыр жууруп, анын көзүнчө даярдап, нан бышырды.

9 Табаны алып, анын алдына койду, бирок ал жегиси келбеди. Амнон: «Үйдөгүлөрдүн баары чыгып кетсин», – деди. Баары чыгып кетти.

10 Ошондо Амнон Тамарга: «Тамакты үйдүн ички бөлмөсүнө алып бар, мен аны сенин колуңдан жейин», – деди. Тамар бышырган нанын агасы Амнондун ички бөлмөсүнө алып барды.

11 Жесин деп, кыз анын алдына койгондо, ал аны кармап алып: «Кел, карындашым, мени менен жат», – деди.

12 Бирок кыз мындай деди: «Жок, агатайым, менин абийиримди булгаба, анткени Ысрайылда мындай кылууга болбойт, мындай жийиркеничтүү ишти кыла көрбө.

13 Абийирим булганып калгандан кийин, мен кайда барам? Сен өзүң да Ысрайылдагы акылсыз адамдардын бири болосуң. Падыша менен сүйлөш, ал каршы болбойт, мени сага берет».

14 Бирок ал анын сөзүн уккусу келген жок, күчкө салып зордуктап, аны менен жатты.

15 Анан Амнон аны абдан жек көрүп калды, ошол жек көрүүсү ага болгон сүйүүсүнөн да күчтүү болду. Анан Амнон ага: «Тур да, кет», – деди.

16 Тамар: «Жок, мени кубалап чыкканың биринчи жасаган ишиңден да жаман», – деди. Бирок Амнон аны уккусу келген жок.

17 Ал өзүнө кызмат кылган уланды чакырып: «Муну сыртка кууп чыгып, эшикти бекитип кой», – деди.

18 Кыздын кийими түрдүү түстүү эле, анткени мындай кийимди падышанын турмушка чыга элек кыздары кийишчү. Жаш улан аны сыртка кууп чыгып, артынан эшикти бекитти.

19 Тамар башына күл чачып, кийип жүргөн түрдүү түстөгү кийимин айрып, башын мыкчыган бойдон буркурап ыйлап бара жатты.

20 Агасы Абышалом карындашы Тамардан мындай деп сурады: «Сени менен болгон бир тууганың Амнон эмеспи? Бирок азыр унчукпа, карындашым, ал сенин бир тууганың, бул үчүн кайгырба». Тамар агасы Абышаломдун үйүндө жалгыз жашады.

21 Бул тууралуу Дөөт падыша угуп, абдан ачууланды.

22 Абышалом Амнон менен жаман-жакшы айтышкан жок, бирок карындашы Тамардын абийирин булгагандыктан, Амнонду жек көрүп калды.

**Абышаломдун өч алуусу**

23 Эки жылдан кийин Эпрайым тоосунда, Баал-Хатсордо Абышаломдун кой кыркыны болуп, Абышалом падышанын бүт уулдарын чакырды.

24 Абышалом падышага келип: «Бүгүн сенин кулуңдун кою кыркылып жатат, ошондуктан падыша жана анын кулдары кулуң менен барышсын», – деди.

25 Бирок падыша Абышаломго: «Жок, уулум, сага оордук келтирип, баарыбыз барбай эле коёлу», – деди. Абышалом өтө жалбарып суранды, бирок ал баргысы келген жок, ага батасын берди.

26 Абышалом ага: «Жок дегенде, биз менен бир тууганым Амнон барсын», – деди. Падыша: «Ал эмнеге сени менен бармак эле?» – деди.

27 Бирок Абышалом аны жалынып-жалбарып жатып көндүрдү, падыша Амнонду жана өзүнүн бардык уулдарын ага кошуп жиберди.

28 Абышалом болсо өзүнүн кулдарына: «Байкап тургула, Амнон шарап ичип, көңүлү көтөрүлө баштаганда, мен силерге: “Амнонду өлтүргүлө!” – дейм, ошондо аны өлтүргүлө, коркпогула. Бул менин буйругум, чечкиндүү, эр жүрөк болгула», – деп буйруду.

29 Абышалом буйругандай, Абышаломдун кулдары Амнонду өлтүрүштү. Ошондо падышанын уулдарынын баары туруп, ар кимиси өз качырына минип, качып кетти.

30 Алар жолдо келе жатышканда эле, Дөөткө “Абышалом падышанын бардык уулдарын өлтүрдү, алардан эч ким тирүү калган жок” деген кабар жетти.

31 Падыша туруп, өз кийимин айрып, жерге кулады, анын алдындагы кулдары да өз кийимдерин айрышты.

32 Бирок Дөөттүн бир тууганы Шимдин уулу Жонадап мындай деди: «Мырзам падышанын уулдары, бардык уландары өлтүрүлдү деп ойлобосун, бир гана Амнон өлдү, анткени Амнон анын карындашынын абийирин булгаган күндөн баштап, Абышаломдун ойлогон ою ушундай болчу.

33 Ошондуктан мырзам падыша уулдарымдын баары өлдү деп ойлоп тынчсызданбасын. Бир гана Амнон өлдү».

34 Абышалом качып кетти. Кароолдо турган улан башын көтөрүп, тоонун боорундагы жол менен келе жаткан көп кишини көрдү.

35 Ошондо Жонадап падышага: «Мына, кулуң айткандай болуп чыкты, падышанын уулдары келе жатышат», – деди.

36 Тигил ушинтип айтары менен, падышанын уулдары келип, өкүрүп ыйлашты. Падыша да, кулдары да боздоп ыйлашты.

37 Абышалом болсо Гешур падышасы, Амийут уулу Талмайга качып барды. Дөөт өзүнүн уулу үчүн күн сайын ыйлап жүрдү.

38 Абышалом Гешурга качып барып, ошол жерде үч жыл болду.

39 Дөөт падыша Абышаломдун артынан түшкөн жок, анткени Амнондун өлгөнүн унутуп, сооронуп калган эле.

**14-БӨЛҮМ**

**Жойаптын Абышаломго болушканы**

1 Серуянын уулу Жойап Дөөт падышанын оюнун баары Абышалом экенин билди.

2 Жойап Текояга киши жиберип, ал жерден акылдуу аялды алдырып, ага мындай деди: «Кайгырып жаткан аялдай болуп, кара кий, зайтун майын сүйкөнбө. Көп күн аза күткөн аялдай болуп,

3 падышага бар да, ага мындай деп айт». Жойап ага эмнени айтуу керек экендигин үйрөттү.

4 Текоялык аял падышага кирип, жүзтөмөндөп жерге жыгылып, таазим этти да: «Жардам кыл, падыша!» – деди.

5 «Сага эмне керек?» – деди падыша. Аял: «Мен жесирмин, күйөөм өлүп калган.

6 Сенин күңүңдүн эки уулу бар эле. Алар талаада чатакташа кетип, ажыраткан эч ким жок, бирөө экинчисин өлтүрүп салды.

7 Ошондо бардык туугандар күңүңө каршы чыгып: “Өз бир тууганын өлтүргөн балаңды бизге бер, бир тууганынын жаны үчүн биз аны мурасчы экенине карабай өлтүрөбүз”, – деп жатышат. Эми алар менин калган отумду өчүрүшөт, күйөөмдүн атын жер үстүнөн өчүрүп, тукумун калтырышпайт», – деди.

8 Падыша аялга: «Үйүңө бара бер, мен сен жөнүндө буйрук берем», – деди.

9 Бирок текоялык аял падышага: «Мырзам падыша, күнөө менде жана менин атамдын тукумунда болсун, ал эми падыша жана анын тактысы күнөөлүү эмес», – деди.

10 Падыша: «Сага ким каршы болсо, аны мага алып кел, ал сага мындан ары тийбейт», – деди.

11 Аял: «Кудай-Теңириңди эсиңе ал, падыша, кан куугандар көбөйүп, уулумду өлтүрүп салышпасын», – деди. Падыша ага: «Теңир тирүү! Уулуңдун бир тал чачы да жерге түшпөйт», – деди.

12 Аял: «Күңүңдүн мырзам падышага дагы бир сөз айтуусуна уруксат эт», – деди.

13 Ал: «Айт», – деди. Аял мындай деди: «Сен эмне үчүн Кудайдын элине каршы ушундай кылууну ойлодуң? Падыша ушул сөздү айтуу менен өзүн өзү айыптуу кылды, анткени куугунтукталган кишисин кайрып келбей жатат.

14 Биз өлөбүз, жерге төгүлгөндө, кайра куюп алууга мүмкүн эмес болгон суу сыяктуубуз. Бирок Кудай жанды өлүмгө кыюуну каалабайт, четке кагылган адамды да Өзүнөн четке какпоонун жолун ойлойт.

15 Мен азыр ушул сөздү мырзам падышага айтканы келдим, себеби эл мени коркутуп жатат. Мен, сенин күңүң, мындай деп ойлодум: “Падыша менен сүйлөшөйүн, балким, күңүнүн сөзүнө макул болор.

16 Падыша кулак салып, Кудайдын мурасынын ичинен уулум экөөбүздү жок кылгысы келгендердин колунан күңүн куткарар”.

17 Мырзам падышанын сөзү мага сооронуч болсун, анткени мырзам падыша Кудайдын периштесиндей эле жаман-жакшыны айырмалай билет. Кудай-Теңириң сени менен болсун».

18 Падыша аялга: «Сенден бир нерсе сурайын, менден жашырбагын», – деди. Аял: «Айт, мырзам падыша», – деп жооп берди.

19 Падыша: «Ушунун баарын сага Жойап айттырып жаткан жокпу?» – деди. Аял мындай деп жооп берди: «Сенин жаның жашасын, мырзам падыша. Мырзам падыша айткан сөздөн оңго да, солго да бурулганга болбойт. Чын эле, мага кулуң Жойап буйруган, күңүңдүн оозуна ушул сөздүн баарын ошол салган.

20 Бул ишти башкача жол менен айтууну мага кулуң Жойап үйрөттү, бирок менин мырзам Кудайдын периштесиндей акылдуу, жер үстүндө эмне болуп жатканынын баарын билет».

**Дөөттүн Абышаломду кечириши**

21 Падыша Жойапка: «Мен сен айткандай кылдым. Барып, менин балам Абышаломду алып кел», – деди.

22 Ошондо Жойап жүзтөмөндөп жыгылып, таазим кылып, батасын берди да: «Мырзам падыша, кулуң сенин алдыңда ырайым тапканын, кулунун сөзүн падыша аткарганын азыр билди», – деди.

23 Жойап туруп, Гешурга барып, Абышаломду Иерусалимге алып келди.

24 Падыша: «Ал өз үйүнө кайтсын, бирок менин жүзүмдү көрбөйт», – деди. Абышалом өз үйүнө кетти, бирок падышанын жүзүн көргөн жок.

25 Ысрайылда келишимдүүлүгү менен оозго алынган Абышаломдой эркек жок эле. Ал таманынан башына чейин кемчиликсиз болчу.

26 Ал чачын алдырганда (ал жыл сайын чачын алдырчу, себеби чачы оор болуп кетчү), салмагы падышачылык өлчөм менен эки жүз шекел болчу.

27 Абышалом үч уулдуу, Тамар деген бир кыздуу болду. Тамар сулуу аял эле.

28 Абышалом Иерусалимде эки жыл жашады, бирок падышанын жүзүн көргөн жок.

29 Абышалом Жойапты падышага жиберүү үчүн, ага киши жөнөттү, бирок Жойап ага келүүнү каалаган жок. Дагы бир жолу жөнөттү, бирок ал келгиси келген жок.

30 Ошондо Абышалом өзүнүн кулдарына: «Жойаптын жери менин жеримдин жанында экенин билесиңер. Ошол жерде анын арпасы бар эмеспи. Баргыла да, өрттөп жибергиле», – деди. Абышаломдун кулдары Жойаптын жерин өрттөп жиберишти.

31 Жойап туруп, Абышаломдун үйүнө келди да, ага: «Эмне үчүн сенин кулдарың менин жеримди өрттөп жиберишти?» – деди.

32 Абышалом Жойапка мындай деди: «Падышага: “Гешурдан эмнеге келдим? Ошол жерде калганым артык эмес беле! Падышанын жүзүн көргүм келет. Эгерде мен күнөөлүү болсом, анда мени өлтүрүп сал”, – деп айттырыш үчүн, мен сени чакырткана киши жибергем».

33 Жойап падышага барып, ушул сөздөрдү айтып берди. Падыша Абышаломду чакырды. Ал келип, падышанын алдына жүзтөмөндөп жыгылды. Падыша Абышаломдун жүзүнөн сүйдү.

**15-БӨЛҮМ**

**Абышаломдун он уруунун колдооруна ишениши**

1 Ошондон кийин Абышалом өзүнө аттарды, майдан арабаларды жана элүү жөө күлүк топтоду.

2 Абышалом эртең менен эрте туруп, жол боюндагы дарбазанын жанында туруп алып, кимдир бирөө арыз-муңун айткана падышага, сотко бара жатса, аны өзүнө чакырып: «Кайсы шаардансың?» – деп сурачу. Тиги: «Кулуң Ысрайылдын баланча деген уруусунан», – деп жооп бергенде,

3 Абышалом ага: «Сенин ишиң жакшы, адилеттүү экен, бирок падышанын сени уга турган эч кимиси жок», – дечү.

4 Абышалом: «Оо, мени бул жерге башкаруучу кылганда, талаш-тартышы, арыз-муңу барлардын баары мага келмек, аларга мен адилет өкүм чыгармакмын», – деп айтчу.

5 Кимдир бирөө анын жанына келип, таазим кылмакчы болгондо, ал колун сунуп, аны кучактап өпчү.

6 Падышага даттанып келген ар бир ысрайылдыкка ушундай мамиле кылып, Абышалом акырындап ысрайылдыктардын ишенимине кире берди.

**Абышаломдун Дөөткө каршы чыгышы**

7 Кырк жылдан кийин, Абышалом падышага мындай деди: «Мен Хебронго барып, Теңирге берген убадамды аткарайын.

8 Анткени мен, кулуң, Гешурда, Сирияда жашап турганда, мындай деп убада бергем: “Эгер Теңир мени Иерусалимге кайтарса, анда мен Теңирге курмандык чалам”».

9 Падыша ага: «Тынчтык менен баргын», – деди. Ал туруп, Хебронго бет алды.

10 Абышалом Ысрайылдын бүт урууларына чалгынчыларын жөнөтүп жатып, мындай деди: «Силер сурнай үнүн укканда: “Абышалом Хебронго падыша болду”, – дегиле».

11 Абышалом чакырган эки жүз киши эч жаман ойлобой, иштин чоо-жайын билбей эле Иерусалимден Абышалом менен бирге жөнөдү.

12 Курмандык чалуу убагында Абышалом Дөөттүн кеңешчиси, гилолук Акитопелди Гило шаарынан киши жиберип чакыртты. Дөөткө каршы чоң козголоң уюштурулуп, Абышаломдун жанына чогулгандар көбөйө берди.

**Дөөттүн качышы**

13 Дөөткө кабарчы келип: «Ысрайылдыктар Абышалом тарапка ооп кетти», – деди.

14 Дөөт өзүнүн Иерусалимдеги бүт кулдарына: «Тургула, качалы, анткени Абышалом бизди соо койбойт, тездегиле. Ал бизди кууп жетип, кармап алып, шаарыбыздын элин кылычтап кырып, башыбызга мүшкүл түшүрбөсүн», – деди.

15 Падышанын кулдары падышага: «Мырзабыз падыша эмне десе, кулдарың ошону кылууга даяр», – дешти.

16 Падыша бүт үй-бүлөсү менен жөө чыкты. Үйдү кайтарганга падыша өзүнүн он күң аялын калтырды.

17 Падыша менен кошо жөө чыккан эл Бейт-Амеркакка келип, ошол жерге токтоду.

18 Анын бардык кулдары жанында бара жатышты, бардык керейликтер, пелейликтер, аны менен бирге Гаттан келген алты жүз киши – гаттыктар падышанын алдында бара жатышты.

19 Падыша гаттык Итайга мындай деди: «Эмнеге сен да биз менен бара жатасың? Кайткын да, тиги падыша менен кал, анткени сен бөтөн жерликсиң, бул жерде сен келгинсиң.

20 Сен кечээ эле келсең, бүгүн мен сени биз менен кетүүгө зордомок белем? Мен башым оогон жакка бара жатам. Кайткын, бир туугандарыңды да ала кет. Ырайым жана чындык сени менен болсун!»

21 Итай падышага: «Теңир тирүү, мырзам падыша жашасын. Өлсө да, жашаса да, мырзам падыша кайда болбосун, кулуң да сени менен ошол жерде болот», – деп жооп берди.

22 Дөөт Итайга: «Болуптур, мени менен бирге жүр», – деди. Ошентип, гаттык Итай жана анын бардык адамдары, балдарынын баары бирге жөнөштү.

23 Ошондо бүт өлкө боздоп ыйлады. Эл менен падыша Кидрон суусун кечип өттү. Бүт эл чөлгө кеткен жолго түштү.

24 Садок менен бардык лебилер Бетарадан Кудайдын келишим сандыгын көтөрүп келишип, аны жерге коюшту. Бүт эл шаардан чыгып кеткиче, Абыйатар бийик жерде турду.

25 Падыша Садокко мындай деди: «Кудайдын келишим сандыгын шаарга кайра алып бар. Эгер Теңирдин алдында ырайым тапсам, анда Ал мени кайра алып келет, аны да, анын турак жайын да көрсөтөт.

26 Эгерде Теңир: "Мен сага ырайым кылбайм", – десе, анда мен мына! Ал мага Өз каалаганындай кылсын».

27 Падыша ыйык кызмат кылуучу Садокко мындай деди: «Өзүң көрүп турбайсыңбы, тынчтык менен кайра шаарга кайт. Сен өзүңдүн уулуң Акимаасты, Абыйатар өзүнүн уулу Жонатанды алып, шаарга кеткиле.

28 Силерден мага кабар келгиче, мен чөл түздүгүндө кармала турам».

29 Ошондо Садок менен Абыйатар Кудайдын келишим сандыгын Иерусалимге кайра алып барышты да, ошол жерде калышты.

30 Дөөт болсо Зайтун тоосуна ыйлап чыгып бара жатты. Башын жаап алып, жылаңайлак кетип бара жаткан эле. Аны менен кошо бара жаткан эл да башын жаап алып, ыйлап бара жатты.

31 Дөөткө: «Акитопел да Абышалом менен бирге кастык уюштургандардын ичинде экен», – деп кабарлашты. Дөөт: «Оо Теңирим! Акитопелдин кеңешин буза көр», – деди.

32 Дөөт тоонун чокусуна, Кудайга табынуучу жайга чыкканда, бет алдынан архилик досу Хушай чыкты. Анын кийими айрылган, башы топурак экен.

33 Дөөт ага мындай деди: «Эгер сен мени менен бара турган болсоң, мен үчүн оор болот.

34 Тескерисинче, шаарга кайтып, Абышаломго: “Падыша, мен сенин кулуңмун. Буга чейин сенин атаңдын кулу болчумун, азыр болсо сенин кулуңмун”, – десең, ошондо мен үчүн Акитопелдин кеңешин бузасың.

35 Ал жерде ыйык кызмат кылуучулар Садок менен Абыйатар сени менен болот, падышанын үйүнөн уккан сөздөрдү аларга айтып тур.

36 Ал жерде алардын эки уулу бар: Садоктун уулу Акимаас, Абыйатардын уулу Жонатан. Укканыңардын баарын ошолор аркылуу мага билдиргиле».

37 Ошондо Дөөттүн досу Хушай шаарга келди. Ошол кезде Абышалом Иерусалимге кирүүгө даярданып жаткан эле.

**16-БӨЛҮМ**

**Мепибешеттин кулунун калп айтышы**

1 Дөөт тоонун чокусунан бир аз ылдый түшкөндө, эки эшекке эки жүз нан, жүз таңгак мейиз, жүз таңгак анжыр, бир чанач шарап артып алган Мепибешеттин кулу Сиба жолукту.

2 Падыша Сибадан: «Буларды эмне кыласың?» – деп сурады. Сиба: «Эшектер падышанын үй-бүлөсү мингенге, нан менен жемиштер жаш уландарга, ал эми шарап чөлдө алсырап калгандарга», – деп жооп берди.

3 Падыша: «Мырзаңдын уулу кайда?» – деп сурады. Сиба падышага мындай деп жооп берди: «Ал Иерусалимде калды. Анткени ал: “Эми Ысрайыл тукуму мага атамдын падышачылыгын кайтарып берет”, – деп айтып жатат».

4 Ошондо падыша Сибага: «Мепибешеттин эмнеси болсо, ошонун баары сеники болсун», – деди. Сиба таазим этип: «Мырзам падышанын алдында ырайым тапсам экен!» – деп жооп берди.

**Шемейдин падышаны тилдеши**

5 Дөөт падыша Бакуримге жеткенде, Шабулдун тукумунан Гейранын уулу Шемей деген бир киши чыкты. Ал Дөөттү тилдеп келе жатты.

6 Ал Дөөткө, Дөөт падышанын бүт кулдарына таш ыргытып келе жатты. Бардык эр жүрөк кишилер падышанын оң жана сол жагында эле.

7 Шемей аны: «Жүзү кара, киши өлтүргүч, жогол, бул жерден кет.

8 Теңир Шабулдун тукумунун каны үчүн сени жазалап жатат, сен анын ордуна падыша болгонсуң. Бирок Теңир падышачылыкты уулуң Абышаломдун колуна берди. Мына, сенин башыңа мүшкүл түштү, анткени сен канкорсуң», – деп тилдеди.

9 Ошондо Серуянын уулу Абышай падышага: «Мырзам падышаны мына бул өлгөн ит эмнеге тилдеп жатат? Мен барып, анын башын аламын», – деди.

10 Падыша мындай деди: «Серуянын уулдары, мен эмне кыла алмак элем да, силер эмне кыла алмак элеңер? Мейли, тилдей берсин, анткени Дөөттү тилде деп, ага Теңир буйруган. “Сен эмнеге ушундай кылып жатасың?” – деп, ага ким айта алат?»

11 Дөөт Абышайга жана өз кулдарына дагы мындай деди: «Өзүмдөн чыккан уулум мени өлтүргүсү келип жатса, Бенжеминдин уулу андан бетер кылбайбы. Жайына койгула, тилдей берсин, анткени ага Теңир буйруган.

12 Балким, Теңир басынтылганыма назар салар, ал бүгүн мага тил тийгизгени үчүн Теңир мага жакшылык кылар».

13 Дөөт өз кишилери менен, өз жолу менен кете берди, Шемей болсо тилдеп, ага таш ыргытып, топурак чачып, тоонун капталында бара жатты.

14 Падыша жана анын жанындагы алсыраган бүт эл ошол жерге келип эс алды.

15 Абышалом болсо бүт Ысрайыл эли менен Иерусалимге келди, аны менен Акитопел да келди.

16 Дөөттүн архилик досу Хушай Абышаломго келип: «Жашасын падыша, жашасын падыша!» – деди.

17 Абышалом Хушайга: «Досуңа кылган жакшылыгың ушулбу! Эмнеге досуң менен кеткен жоксуң?» – деди.

18 Хушай Абышаломго мындай деди: «Жок, Теңир жана бул эл, бүт Ысрайыл, кимди тандаса, мен ошону менен болом, ошону менен калам.

19 Анын уулуна кызмат кылбаганда, кимге кызмат кылам? Сенин атаңа кандай кызмат кылсам, сага да ошондой кызмат кылам».

20 Ошондо Абышалом Акитопелге кайрылып: «Эмне кылалы, кеңеш бер», – деди.

21 Акитопел Абышаломго: «Атаңдын үй кайтартып койгон күң аялдарына кир, ошондо бүт ысрайылдыктар атаңа жек көрүндү болуп калганыңды угушат, сени менен болгондор да күч алат», – деди.

22 Ошондо Абышалом үчүн үйдүн төбөсүнө чатыр тигишти. Бүт ысрайылдыктардын көзүнчө Абышалом атасынын күң аялдарына кирди.

23 Ошол учурда Акитопелдин берген кеңештери Кудайдын берген кеңештериндей эсептелчү. Акитопелдин ар бир кеңеши Дөөт үчүн кандай болсо, Абышалом үчүн да ошондой эле.

**17-БӨЛҮМ**

**Акитопелдин айла-амалдарынын ишке ашпай калышы жана анын уят болуп өлүшү**

1 Акитопел Абышаломго мындай деди: «Мен он эки миң киши тандап алып, ушул түнү Дөөттүн артынан түшөйүн.

2 Ал чарчап-чаалыгып, алсырап калганда, мен ага кол салып коркутам. Анын жанындагы элдин баары туш тарапка качып кетет, ошондо мен жалгыз падышаны өлтүрөм,

3 бардык адамдарды сага каратам. Сен өлтүрө турган адам жок болгондон кийин, бүт элге тынчтык болот».

4 Бул сөз Абышаломго жана Ысрайылдын бүт аксакалдарына жакты.

5 Бирок Абышалом: «Архилик Хушайды чакыргыла. Ал эмне дейт экен, угалы», – деди.

6 Хушай Абышаломго келди, ошондо Абышалом ага: «Акитопел ушундай деди, анын сөзү боюнча кылалыбы? Эгер антпейбиз десең, анда айт», – деди.

7 Хушай Абышаломго: «Бул жолу Акитопелдин айткан кеңеши жакшы эмес», – деп жооп берди.

8 Хушай сөзүн улантты: «Сен атаңды жана анын кишилерин билесиң, алар эр жүрөк жана балдарынан ажыраган талаадагы ургаачы аюудай абдан ачуулуу. Сенин атаң – жоокер адам. Ал эл менен чогуу түнөбөйт.

9 Ушул кезде ал кайсы бир үңкүрдө же башка жерде жашынып жатат. Эгерде аларга биринчи чабуул койгон киши өлсө, анда аны уккандар: “Абышаломду ээрчигендер жеңилип калышты”, – деп айтышат.

10 Ошондо кабылан жүрөк, кайраттуу шерлердин да көңүлү чөгүп алсырашат. Анткени сенин атаңдын эр жүрөк экенин, анын кишилеринин кайраттуу экенин бүт Ысрайыл билет.

11 Ошондуктан менин кеңешим мындай: Дандан Бейер-Шебага чейин деңиз жээгиндеги кумдай сансыз бүт Ысрайыл сенин жаныңа чогулсун. Аны өзүң баштап барасың.

12 Ошондо ал кайсы гана жерде болбосун, ага каршы барабыз. Жерге шүүдүрүм түшкөндөй, ага чабуул коёбуз. Анын жанындагы адамдарынан бирөө да калбайт.

13 Эгерде ал кайсы бир шаарга кирсе, бүт Ысрайыл аркан алып келет да, аны дайрага сүйрөп түшөбүз, кыскасы, бир да майда таш калбайт».

14 Ошондо Абышалом жана бүт Ысрайыл: «Акитопелдин кеңешинен архилик Хушайдын кеңеши жакшы», – деди. Абышаломдун башына мүшкүл түшүрүү үчүн, Теңир Акитопелдин жакшы кеңешин ушинтип бузду.

15 Хушай ыйык кызмат кылуучулар Абыйатар менен Садокко мындай деди: «Абышалом менен Ысрайыл аксакалдарына Акитопел тигиндей кеңеш берди, мен болсо мындай кеңеш бердим.

16 Азыр Дөөткө тезирээк киши жибергиле да, минтип айткыла: “Ушул түнү чөл түздүгүндө түнөй көрбө, сени менен кошо жаныңдагы кишилердин баары набыт болбош үчүн, тезирээк өтүп кеткин”».

17 Жонатан менен Акимаас Рогейил булагынын жанында турушкан. Кызматчы аял барып, аларга айтты, алар барып, Дөөт падышага билдиришти, анткени алар шаар ичинде көрүнбөшү керек эле.

18 Бир жаш улан аларды көрүп, Абышаломго жеткирди, бирок экөө тезинен кетишти да, Бакуримдеги бир кишиникине барып, анын короосундагы кудукка түшүп кетишти.

19 Ал кишинин аялы кудуктун оозуна жабуу жапты да, эч нерсе билинбегендей кылып, үстүнө акшак чачып салды.

20 Абышаломдун кулдары ошол үйгө, аялга келип: «Акимаас менен Жонатан кайда?» – деп сурашты. Аял аларга: «Алар өзөндү кечип өтүп кетишти», – деп жооп берди. Алар издеп-издеп таппаган соң, Иерусалимге кайтып келишти.

21 Алар кетишкен соң, тигилер кудуктан чыгып, Дөөт падышага: «Тургула да, тезирээк суудан өтүп кеткиле, анткени силерге каршы Акитопел ушундай кеңеш берди», – деп билдиришти.

22 Дөөт жана анын жанындагы адамдардын баары туруп, Иорданды кечип өтүштү. Таңга чейин Иорданды кечип өтпөгөн бир да жан калган жок.

23 Акитопел өзүнүн кеңешинин аткарылбаганын көрүп, эшегин токуп, жолго чыкты да, өз шаарына барып, үй-бүлөсүнө керээзин айтып, асынып өлдү, сөөгү атасынын мүрзөсүнө коюлду.

24 Анан Дөөт Маханайимге келди, Абышалом бүт Ысрайыл менен Иорданды кечип өттү.

25 Абышалом Жойаптын ордуна Амасаны аскер башчы кылып койду. Амаса изрейелдик Жетер аттуу кишинин уулу эле. Ал Нахаштын кызы Абигейилге жакындаган. Абигейил – Жойаптын энеси Серуянын сиңдиси.

26 Абышалом башында турган Ысрайыл кошууну Гилат жерине жайланышты.

27 Дөөт Маханайимге келгенде, амондуктардын Рабесинен Нахаштын уулу Шоби, Ло-Дебардан Амиелдин уулу Махир жана Роглимден гилаттык Барзелай

28 жууркан-төшөк, табак, чопо идиш, буудай, арпа, ун, таруу, буурчак, кызыл жасмык, куурулган дан алып келди.

29 Алар: «Эл чөлдө ачкалыктан алсырап, чаалыгып-чарчап, чаңкашты», – деп, Дөөткө жана анын кишилерине азык кылып бал, май, кой, уйдун сүтүнүн быштагын алып келип беришти.

**18-БӨЛҮМ**

**Эпрайым тоосунун жанындагы салгылашуу**

1 Дөөт өзүнүн кишилерин карап чыгып, алардын үстүнөн жүз башы, миң башыларды койду.

2 Дөөт элдин үчтөн бир бөлүгүнө Жойапты, үчтөн бир бөлүгүнө Жойаптын бир тууганы, Серуянын уулу Абышайды, үчтөн бир бөлүгүнө гаттык Итайды башчы кылып, элди жөнөттү. Падыша элге: «Силер менен өзүм барам», – деди.

3 Бирок эл ага: «Барба, эгер биз кача турган болсок, алар буга көңүл бурушпайт, жарымыбыз өлсөк да, көңүл бурушпайт. Жалгыз өзүң он миңибизге тетесиң, ошондуктан бизге шаардан эле жардам берип турганың жакшы», – деди.

4 Падыша аларга: «Силер эмнени жакшы деп эсептесеңер, мен ошондой кылам», – деди. Падыша дарбазанын жанында турду, бүт эл жүздөн, миңден болуп чыга баштады.

5 Падыша Жойапка, Абышайга, Итайга: «Уулум Абышаломду мен үчүн сактагыла», – деп буйрук кылды. Падышанын өз жол башчыларына Абышалом жөнүндө берген буйругун бардык эл укту.

6 Эл талаага ысрайылдыктар менен беттешүүгө чыкты, салгылашуу Эпрайым токоюнда болду.

7 Ысрайыл эли Дөөттүн кулдарынан жеңилди. Ошол күнү ал жерде чоң кыйроо болуп, жыйырма миң адам өлдү.

8 Согуш бүт өлкөгө жайылды. Ал күнү кылыч менен кырылганга караганда, токойдон өлгөндөр көп болду.

**Абышаломдун өлүшү**

9 Абышалом Дөөттүн кулдарына жолугуп калды. Ал качыр минип алган эле. Качыр менен чоң бутактуу эмен жыгачынын астынан өтүп бара жатканда, Абышалом эмендин бутактарына чачынан илинип, асман менен жердин ортосунда асылып калды, астындагы качыры болсо качып кетти.

10 Муну бирөө көрүп, Жойапка: «Мен Абышаломдун эмен дарагына асылып турганын көрдүм», – деп кабарлады.

11 Жойап муну кабарлаган кишиге: «Сен аны көрүп туруп, эмне үчүн ошол жерден өлтүргөн жоксуң? Мен сага он күмүш шекел жана бир кур берет элем», – деди.

12 Ал киши Жойапка мындай деп жооп берди: «Мага миң күмүш шекел берсе да, падышанын уулуна колумду көтөрбөйт болчумун, анткени падыша бизге угуза сага да, Абышайга да, Итайга да: "Уулум Абышаломду мен үчүн сактагыла", – деп буйрук кылбады беле.

13 Эгерде мен өз өмүрүмдү тобокелге салып, башкача кылган күндө да, бул ишти падыша билбей калмак эмес, өзүң да мага каршы чыкмаксың».

14 Ошондо Жойап: «Мен сага убакыт коротуп отурбайм», – деп, үч жебени колуна алды да, эмен дарагында илинип турган, жаны чыга элек Абышаломдун жүрөгүнө кадады.

15 Жойаптын курал көтөргөн он уланы Абышаломду тегеректеп алып өлтүрүштү.

16 Жойап сурнай тартты, Ысрайылды кууган эл артка кайтты, анткени Жойап элди токтотту.

17 Абышаломду алышты да, аны токойдогу терең аңга таштап, үстүнө таш үйүп салышты. Анан ысрайылдыктардын бардыгы чатырларына качып кетишти.

18 Абышалом тирүү кезинде эле: «Менин атымды өчүрбөй турган уулум жок», – деп, өзүнө падыша өрөөнүндө эстелик тургузуп, ошол эстеликке өз ысымын калтырган. Ушул күнгө чейин ал «Абышаломдун эстелиги» деп аталат.

**Уулунун өлгөнүнө Дөөттүн кайгырышы**

19 Садоктун уулу Акимаас Жойапка: «Мен падышага чуркап барып, аны душмандарынан Теңир Өзү куткарганын кабарлайын», – деди.

20 Бирок Жойап ага: «Бүгүн сен жакшы кабарчы болбойсуң. Жакшы кабарды бүгүн эмес, башка күнү кабарлайсың, анткени падышанын уулу өлдү», – деди.

21 Жойап куштук кишиге мындай деди: «Баргын, көргөнүңдү падышага билдир». Куштук киши Жойапка таазим этти да, чуркап кетти.

22 Бирок Садоктун уулу Акимаас көшөрүп, Жойапка мындай деди: «Эмнеси болсо да, мен да куштук кишинин артынан чуркап барам». Жойап болсо ага: «Уулум, чуркап эмне кыласың? Сен жакшы кабар алып барбайсың», – деди.

23 Акимаас: «Мен баары бир чуркап барам», – деди. Ошондо Жойап: «Чурка», – деди. Ошентип, Акимаас түз жол менен чуркап, куштук кишиден ашып кетти.

24 Дөөт ошол учурда эки дарбазанын ортосунда отурган. Күзөтчү дарбазанын дубалынын үстүнө чыгып, башын көтөрүп, бирөөнүн чуркап келе жатканын көрдү.

25 Ошондо күзөтчү кыйкырып, падышага кабарлады. Падыша: «Эгер ал жалгыз болсо, анда кабар айтканы келе жатат», – деди. Тиги жакындагандан жакындап келе жатты.

26 Күзөтчү чуркап келе жаткан экинчи кишини да көрдү. Анан күзөтчү дарбазачыга: «Дагы бир киши чуркап келе жатат», – деп кыйкырды. Падыша: «Бул да кабарчы», – деди.

27 Күзөтчү: «Басканына караганда, биринчиси Садоктун уулу Акимаас окшойт», – деди. Падыша: «Ал – жакшы киши, жакшы кабар менен келе жатат», – деди.

28 Акимаас падышага: «Тынчтык!» – деп кыйкырды. Анан падышага жерге чейин ийилип таазим кылып: «Мырзам падышага кол көтөргөн адамдарды колуңа салып берген Кудай-Теңириңе даңк!» – деди.

29 Ошондо падыша: «Уулум Абышалом аманбы?» – деп сурады. Акимаас: «Падышанын кулу Жойап кулуңду жиберип жатканда, дүрбөлөң түшүп жатышканын көрдүм, бирок мен ал жерде эмне болгонун билбейм», – деп жооп берди.

30 Падыша: «Мындай туруп тур», – деди. Ал четке туруп турду.

31 Анан куштук киши да келди. Куштук киши: «Мырзам падышага жакшы кабар! Теңир сага адилеттик кылып, өзүңө каршы көтөрүлгөндөрдүн баарынан куткарды», – деди.

32 Падыша куштук кишиге: «Уулум Абышалом аманбы?» – деп кайрылды. Куштук киши: «Мырзам падыша, сенин душмандарың, сага жамандык ойлоп каршы чыккандардын баары уулуң дуушар болгон нерсеге дуушар болсун!» – деп жооп берди.

33 Падыша капаланып, дарбазанын үстүндөгү бөлмөсүнө кетип бара жатып, мындай деп ыйлады: «Оо, уулум Абышалом! Уулум, уулум Абышалом! Оо, Абышалом, сенин ордуңа мен өлсөм кана, уулум!»

## 19-БӨЛҮМ

### Жойаптын Дөөттү жемелеши

1 Жойапка: «Падыша Абышаломду жоктоп ыйлап жатат», – деп айтышты.

2 Ошол күнкү жеңиш бардык эл үчүн ыйга айланды, анткени эл ошол күнү падышанын уулун жоктоп ыйлап жатканын укту.

3 Согуштан качып келе жатканына уялган адамдардай болуп, эл ошол күнү шаарга уурданып кирип жатты.

4 Падыша болсо жүзүн жаап алып, өкүрүп жатты: «Уулум Абышалом! Абышалом, уулум, уулум менин!»

5 Жойап падышанын үйүнө барды да, мындай деп айтты: «Сенин уул-кыздарыңдын, аялдарыңдын жана күң аялдарыңдын өмүрүн сактап калган кулдарыңдын бардыгын бүгүн сен уятка калтырдың.

6 Өзүңдү жек көргөндөрдү сүйөсүң да, сүйгөндөрдү жек көрөсүң, анткени жол башчыларың менен кулдарың сен үчүн эч ким эмес экендигин сен бүгүн көргөздүң. Абышалом тирүү калып, биз баарыбыз өлүп калсак, сага жакшы болорун бүгүн билдим.

7 Азыр тургун да, чыгып, кулдарыңдын көңүлүн көтөрүп сүйлө. Эгер чыкпай турган болсоң, Теңирдин алдында ант берем, бул түнү сенин жаныңда эч ким калбайт. Ошондо бул жаш кезиңден ушул убакка чейин көргөн бардык кыйынчылыктарыңдан жаман болот».

8 Ошондо падыша туруп келип, дарбазанын алдына отурду. Элдин баарына падышанын дарбазанын алдында отурганын жарыя кылышты. Ошондо бүт эл падышанын алдына келди. Ысрайылдыктар болсо чатырларына качып кетишти.

**Дөөттүн Иерусалимге кайтып келиши**

9 Ысрайылдын бардык урууларындагы бүт эл мындай деп талашып жатышты: «Падыша бизди душмандарыбыздан куткарды, пелиштиликтердин колунан бошотту, азыр болсо өлкөдөн, Абышаломдон качып кетти.

10 Бирок биз өзүбүзгө падыша кылып майлаган Абышалом согушта өлдү. Эми эмнеге силер падышаны өз үйүнө алып келбей, кечиктирип жатасыңар?»

11 Дөөт падыша ыйык кызмат кылуучулар Садок менен Абыйатарга киши жиберип, мындай деп айттырды: «Жүйүттүн аксакалдарына айткыла: Силер падышаны үйүнө биринчилерден болуп кайра алып келсеңер болбойбу? Бул бүт Ысрайылда сөз болуп, падышанын үйүнө эбак эле жетпеди беле?

12 Силер менин бир туугандарым, сөөгүм жана денемсиңер. Падышаны өз үйүнө кайтарууда эмне үчүн силер акыркы болгуңар келет?

13 Анан Амасага айткыла: “Менин сөөгүм да, денем да сен эмес белең? Эгер сен Жойаптын ордуна өмүрүң өткөнчө менин аскер башчым болбосоң, анда Кудай мени жазаласын, катуу жазаласын!”»

14 Ошентип, ал бардык жүйүттөрдүн жүрөгүн бир кишидей өзүнө бурду. Ошондо алар падышага: «Өзүң да, кулдарың да кайтышсын», – деп айттырганы киши жиберишти.

15 Падыша кайтып, Иорданга келди. Жүйүттөр падышаны тосуп алып, Иордандан өткөрүү үчүн, Гилгалга келишти.

16 Бенжемин уруусунан бакуримдик Гейранын уулу Шемей шашылган боюнча жүйүттөр менен бирге Дөөт падышаны тоскону жөнөдү.

17 Аны менен Бенжеминден миң киши, Шабулдун үй башкаруучусу Сиба өзүнүн он беш уулу жана жыйырма кулу менен келишти да, Иордандан өтүп, падышаны тосуп чыгышты.

18 Падышанын үй-бүлөсүн алып өтүү үчүн жана анын каалоосун аткаруу үчүн, сал наркы өйүзгө өткөндөн кийин, Гейранын уулу Шемей Иордандан өтөрү менен падышанын алдына жыгылды.

19 Ал падышага мындай деди: «Иерусалимден мырзам падыша чыгып бара жаткан күнү кулуңдун кылган күнөөсүн эске алба, жүрөгүңдө сактаба мырзам падыша, мени кылмышкер катары эсептебе.

20 Анткени кулуң күнөө кылганын билет, мен азыр Жусуптун бардык тукумунан биринчи болуп, мырзам падышаны тоскону келдим».

21 Серуянын уулу Абышай: «Теңирдин майланганын тилдегени үчүн Шемей кантип өлүм жазасына тартылбасын?» – деди.

22 Ошондо Дөөт: «Серуянын уулдары, мени менен силердин эмне ишиңер бар, мени эмнеге тукуруп жатасыңар? Бүгүн Ысрайылда адам өлтүргүдөй күн болуп жатабы? Азыр мен Ысрайылга падыша экенимди көрбөй турамбы?» – деди.

23 Падыша Шемейге: «Сен өлбөйсүң», – деди. Падыша ага ант берди.

24 Шабулдун небереси, Жонатандын уулу Мепибешет да падышаны тосуп алганы келди. Ал падыша чыккан күндөн тартып тынчтык менен кайра кайткан күнгө чейин, бутун да, кийимдерин да жууган эмес, сакалын да караган эмес.

25 Ал Иерусалимден чыгып, падышаны тоскону келгенде, падыша андан: «Мепибешет, сен эмне үчүн мени менен кеткен жоксуң?» – деп сурады.

26 Тиги мындай деп жооп берди: «Мырзам падыша! Мени өз кулум алдады. Мен, сенин кулуң: “Эшегимди токуп минип алып, падыша менен кетейин”, – деп айткам. Анткени мен, сенин кулуң, аксак эмесминби.

27 Ал мырзам падышанын алдында кулуңду ушактады. Бирок мырзам падыша Кудайдын периштесиндей. Каалаганыңды кыл.

28 Мырзам падышанын алдында атамдын бүт үй-бүлөсү өлүмгө татыктуу болсо да, сен кулуңду өз дасторконуңдан тамактангандардын арасына отургуздуң. Падышанын алдында даттанууга акым барбы?»

29 Падыша ага: «Мунун баарын эмне үчүн айтып жатасың? Талааны Сиба экөөңөр өз ара бөлүшүп алгыла деп айтпадым беле?» – деди.

30 Бирок Мепибешет падышага мындай деп жооп берди: «Мырзам падыша өз үйүнө тынчтык менен кайтып келген соң, ал баарын ала берсин».

31 Падыша менен Иордандан бирге өтүп, аны андан ары узатуу үчүн, Роглимден гилаттык Барзелай да келди.

32 Барзелай сексенге чыккан абдан кары адам эле. Падыша Маханайимде жүргөндө, ал аны азык-түлүк менен камсыз кылып турган, себеби ал бай адам эле.

33 Падыша Барзелайга: «Жүр мени менен, мен сени Иерусалимде азык-түлүк менен камсыз кылып турам», – деди.

34 Бирок Барзелай падышага мындай жооп берди: «Падыша менен Иерусалимге баргыдай, көпкө жашамак белем?

35 Азыр сексен жаштамын, жаман-жакшыны айырмалай алмак белем. Кулуң ичкен-жегенинин даамын билмек беле. Ырчы кыздар менен балдардын үнүн уга алмак белем. Мырзам падыша, кулуңду жүк кылып эмне кыласың?

36 Кулуң падышаны Иордандан ары бир аз узатып бара алат. Падыша мени эмне кылганым үчүн ушунча урматтап жатат?

37 Кайтып барып, өз шаарымда, ата-энемдин мүрзөсүнүн жанында өлүүгө кулуңа уруксат эт. Бирок сенин кулуң, менин уулум Кимам, мырзам падыша менен барсын, аны эмне кылам десең, өзүң бил».

38 Падыша: «Кимам мени менен барсын, ага сен каалагандай кылам. Каалаганыңдын баарын кылам», – деди.

39 Бүт эл жана падыша Иордандан өтүштү. Анан падыша Барзелайды өөп, ага батасын берди. Ал өз жерине кайтты.

40 Падыша Гилгалга жөнөдү, Кимам да аны менен жөнөдү. Бүт Жүйүт эли жана Ысрайыл элинин жарымы падышаны узатты.

41 Бүт ысрайылдыктар падышага келип: «Эмне үчүн бир туугандарыбыз жүйүттөр сени уурдап, үй-бүлөң менен, бардык кишилериң менен Иордан аркылуу өткөрүп жиберишти?» – дешти.

42 Ошондо Жүйүттүн кишилеринин баары ысрайылдыктарга: «Падыша биздин жакыныбыз, бул нерсеге эмнеге ачууланып жатасыңар? Биз падышанын бир нерсесин жедикпи же андан белек алдыкпы?» – деп жооп беришти.

43 Ысрайылдыктар жүйүттөргө жооп кылып, мындай дешти: «Биз падышачылыктын он бөлүгүн түзөбүз, Дөөттүн жанында силерге караганда биз көппүз. Эмне үчүн силер бизди кемсинттиңер? Падышабызды алып келүү жөнүндө биринчи биз сүйлөшүбүз керек эмес беле?» Бирок ысрайылдыктардын сөзүнө караганда жүйүттөрдүн сөзү күчтүү болду.

**20-БӨЛҮМ**

**Шебанын көтөрүлүш чыгарышы**

1 Бенжеминдик Бихра уулу Шеба деген жаман киши ошол жерде эле. Ал сурнай тартты да: «Дөөттө биздин эч кандай бөлүгүбүз жок. Жышайдын уулунда энчибиз жок. Ысрайылдыктар, бардыгыңар өз-өз чатырыңарга тарагыла!» – деди.

2 Ошондо бардык ысрайылдыктар Дөөттөн бөлүнүштү да, Бихранын уулу Шебанын артынан жөнөштү. Жүйүттөр болсо өз падышасы тарапта калышты, алар Иордандан Иерусалимге чейин аны менен барышты.

3 Дөөт Иерусалимдеги өз үйүнө келип, үйүн кайтарган он күң аялын өзгөчө бир үйгө жайгаштырды. Аларга көзөмөл коюп, багып турду, бирок аларга жакындаган жок. Алар өлөр-өлгөнчө ошол жерде багылып, жесир катарында жашашты.

**Жойаптын Амасаны өлтүрүшү**

4 Дөөт Амасага: «Мага үч күндүн ичинде жүйүттөрдү чакырып кел, өзүң да кел», – деди.

5 Амаса жүйүттөрдү чакырууга жөнөп кетти, бирок Дөөт айткан убактан көп кечикти.

6 Ошондо Дөөт Абышайга: «Эми Бихранын уулу Шеба бизге Абышалом кылган жамандыктан да чоң жамандык кылат. Ал чептүү шаарларды таап, бизден жашынып кала электе, сен мырзаңдын кулдарын алып, анын артынан түш», – деди.

7 Анын артынан Жойаптын кишилери, керейликтер, пелейликтер, эр жүрөк адамдар Иерусалимден чыгышты да, Бихранын уулу Шебанын артынан түшүштү.

8 Алар Гибондун жанындагы чоң ташка жеткенде, Амасага жолугушту. Жойап аскер кийимчен эле, белиндеги курунда кынына салынган кылычы бар эле. Анын кылычы кынынан оңой суурулуп, кайра кынына оңой салынчу.

9 Жойап Амасага: «Амансыңбы, бир тууганым?» – деп кайрылды. Жойап Амасаны өбүш үчүн, оң колу менен сакалынан кармады.

10 Амаса Жойаптын колундагы кылычын байкаган жок. Ал аны курсакка сайганда, анын ичеги-карды жерге түшүп калды. Соккуну ал кайталаган жок, тиги жан берди. Жойап жана бир тууганы Абышай Бихранын уулу Шебанын артынан түшүштү.

11 Амасанын жанында турган Жойаптын уландарынын бири: «Ким Жойап десе, ким Дөөт тарапта болсо, Жойаптын артынан жүрсүн!» – деди.

12 Амаса болсо жолдун ортосунда канжалап жатты. Ал улан нары өткөн, бери өткөн элдин баары токтоп өтүп жатканын көрүп, Амасаны жолдон алып, талаага сүйрөп барып, кийимдери менен жаап салды.

**Шебанын көтөрүлүшүн басуу**

13 Ал жолдон сүйрөлүп ташталгандан кийин, бүт Ысрайыл эли Жойапты ээрчип, Бихранын уулу Шебанын артынан түштү.

14 Шеба болсо Абел-Бейт-Маакка чейин Ысрайылдын бардык урууларын жана бүт Бейрини аралап өттү. Бейринин тургундары жыйналып, анын аркасынан жөнөштү.

15 Алар Абел-Бейт-Маакка келишип, аны ошол жерде курчоого алышты. Шаардын дубалынын жанына жал куруп, дубалга чыгышты. Жойап менен келген бардык адамдар дубалды бузууга аракеттеништи.

16 Ошондо шаар дубалынан бир акылдуу аял: «Уккула, уккула, Жойапка айткыла, ал бул жерге келсин, мен аны менен сүйлөшөм», – деп кыйкырды.

17 Жойап жакын келгенде, аял: «Жойап деген сенсиңби?» – деди. Ал: «Ооба, менмин», – деди. Аял: «Күңүңдүн сөзүн ук», – деди. Ал: «Угуп жатам», – деди.

18 Аял мындай деди: «Мурда мындай айтышчу эле: “Ким сурагысы келсе, абелдиктерден сурасын”. Иш ушинтип чечилчү.

19 Мен Ысрайылдын тынч, ишеничтүү шаарларынын бириненмин. Сен болсо Ысрайыл шаарларынын энесин талкалагың бар. Теңирдин мурасын жок кылып эмне кыласың?»

20 Жойап мындай деп жооп берди: «Мен талкалайын же жок кылайын деген жокмун, андай оюм жок!

21 Андай кылбайм, бирок Эпрайым тоосунда жашаган Бихранын уулу Шеба аттуу киши Дөөт падышага каршы чыкты. Жалгыз гана ошону мага чыгарып бергиле, анан мен шаардан кетем». Ошондо аял Жойапка: «Азыр анын башы сага дубалдан ыргытылат», – деди.

22 Анан аял бүт элге акылдуу сөздөрдү айтты. Алар Бихранын уулу Шебанын башын алып, Жойапка ыргытышты. Ошондо Жойап сурнай тартты, бардыгы өз чатырларына тарашты. Жойап болсо падышага, Иерусалимге кайтты.

23 Жойап Ысрайылдын бүт аскеринин үстүнөн коюлду, Жойат уулу Беная керейликтер менен пелейликтердин үстүнөн коюлду.

24 Адорам салык жыйноонун үстүнөн коюлган, Акилуттун уулу Жошапат – тарыхчы,

25 Шеба – катчы, Абыйатар менен Садок – ыйык кызмат кылуучулар.

26 Ошондой эле жариттик Ира Дөөткө ыйык кызмат кылуучу болду.

**21-БӨЛҮМ**

**Үч жылга созулган ачарчылык**

1 Дөөттүн убагында ал жерде катары менен үч жыл ачарчылык болду. Дөөт Теңирден сурады. Теңир: «Бул ачарчылык Шабул үчүн жана анын кан ичкич үй-бүлөсү үчүн, ал гибондуктарды өлтүргөндүгү үчүн болду», – деди.

2 Ошондо падыша гибондуктарды чакырып, алар менен сүйлөштү. Гибондуктар Ысрайыл тукумунан эмес, аморлуктардын калдыктарынан болчу. Ысрайылдыктар аларга ант беришкен, бирок Шабул Ысрайыл менен Жүйүт тукумун кызганып, аларды кыргысы келген.

3 Дөөт гибондуктардан: «Теңирдин мурасына бата берүүңөр үчүн, Ысрайылды күнөөсүнөн арылтыш үчүн, силерге эмне кылышым керек?» – деп сурады.

4 Гибондуктар ага: «Бизге Шабулдун күмүшүнүн да, алтынынын да кереги жок, анын үйүндөгү эч нерсесинин кереги жок. Ысрайылдыктардан эч кимди өлтүргүбүз келбейт», – деп жооп беришти. Ал: «Анда эмнени каалайсыңар? Мен аткарып берем», – деди.

5 Алар падышага: «Бизди Ысрайылдын бир да жеринде калтырбоону каалаган, бизди өлтүрүп, тукум курут кылгысы келген ошол кишинин тукумунан бизге жети киши бер.

6 Биз аларды Теңирдин алдында, Теңир тандап алган Шабулдун Гиба тоосунда дарга асабыз», – деп айтышты. Падыша: «Берем», – деди.

7 Бирок падыша Шабулдун уулу Жонатанга Теңирдин алдында берген анты үчүн Шабулдун небереси, Жонатандын уулу Мепибешетти аяп койду.

8 Бирок падыша Шабулдун Айанын кызы Риспадан төрөлгөн эки уулун: Армоний менен Мепибешетти жана Шабулдун кызы Мейраптын мехолалык Барзелай уулу Адриелге төрөп берген беш уулун алып,

9 аларды гибондуктардын колуна салып берди. Гибондуктар аларды тоодо, Теңирдин алдында асышты. Жетөө бирге өлдү. Алар өлгөн күн түшүм жыйноонун алгачкы күндөрү, арпа оруп-жыюу мезгилинин башталышы эле.

10 Ошондо Айанын кызы Риспа зумбал алып, аны ошол тоодо алдына жайып, орок маалы башталгандан тартып, алардын үстүнө асмандан Кудайдын суулары төгүлгөнчө отурду. Ал аларга күндүз асман куштарын, түнкүсүн талаа жырткычтарын тийгизбеди.

11 Шабулдун күң аялы – Айанын кызы Риспанын эмне кылганын Дөөткө билдиришти.

12 Дөөт гилаттык Жабештин тургундарына барып, Шабулдун жана анын уулу Жонатандын сөөгүн алды. Жабештин тургундары алардын сөөгүн Бейт-Шан аянтынан жашыруун алып кетишкен. Пелиштиликтер Шабулду Гилбояда өлтүрүп, аларды ошол аянтка асып коюшкан.

13 Дөөт ал жерден Шабулдун жана анын уулу Жонатандын сөөгүн алып келди. Дарга асылгандардын сөөгүн жыйнашты.

14 Алар Шабулдун жана анын уулу Жонатандын сөөгүн Бенжемин жеринде, Сейлада, Шабулдун атасы Киштин мүрзөсүнө коюшту. Падыша кандай буйруса, баарын ошондой жасашты. Ошондон кийин Кудай өлкөгө ырайым кылды.

**Пелиштиликтер менен болгон согуш**

15 Ысрайыл менен пелиштиликтердин ортосунда кайрадан согуш болду. Дөөт өзүнүн кулдары менен чыгып, пелиштиликтер менен салгылашты. Дөөт алсырады.

16 Ошондо репалыктардын тукумунан жаңы кылыч курчанган Жишпи деген киши Дөөттү сайып өлтүргүсү келди. Анын найзасынын салмагы үч жүз жез шекел эле.

17 Бирок Дөөткө Серуянын уулу Абышай жардамга келип, пелиштилик кишини сайып өлтүрдү. Ошондо Дөөттүн кишилери мындай деп ант беришти: «Ысрайылдын чырагы өчпөш үчүн, мындан ары сен биз менен согушка чыкпайсың».

18 Андан кийин Гобада пелиштиликтер менен кайрадан согуш болду. Ошондо хушалык Сипхай репалыктардын тукумунун бири болгон Сапты өлтүрдү.

19 Гобада дагы салгылашуу болду. Ал салгылашууда бейт-лехемдик Жарей-Оргим уулу Элханан токуучу куралдын баканындай найза көтөргөн гаттык Голийатты өлтүрдү.

20 Гатта дагы салгылашуу болду. Ал салгылашууда колу менен бутунда алтыдан манжасы бар, бардыгы жыйырма төрт манжалуу, узун бойлуу репалыктардын тукумунан бир киши бар болчу.

21 Ал ысрайылдыктарды шылдыңдады, бирок аны Дөөттүн агасы Шимейдин уулу Жонатан өлтүрдү.

22 Бул төртөө Гаттагы репалыктардын тукумунан эле, алар Дөөттүн жана анын кулдарынын колунан каза табышты.

**22-БӨЛҮМ**

**Куткаруучусу Теңирди мактап Дөөттүн ырдаган ыры**

1 Теңир Дөөттү бардык душмандарынын жана Шабулдун колунан куткарган күнү ал Теңирди мындай деп мактап ырдады:

2 «Теңирим менин тирегим, сепилим, Куткаруучум.

3 Кудайым менин аска-зоом. Мен Ага гана таянам. Ал менин калканым, куткаруучу мүйүзүм, коргоочум, баш паанам. Сен мени бардык жамандыктан куткарган Куткаруучумсуң!

4 Табынууга татыктуу Теңирди чакырып, душмандарымдан кутулам.

5 Мени өлүм толкуну курчап алды, мыйзамсыздыктардын агымы үрөйүмдү учурду.

6 Мага өлгөндөр жаткан жайдын чынжырлары салынды, өлүмдүн торуна чалындым.

7 Бирок мен кысталышта калганымда, Теңирди чакырдым, Кудайыма жалындым. Ал Өзүнүн турагынан менин үнүмдү укту, зар-муңум Анын кулагына жетти.

8 Жер силкинип термелди, асмандын негизи козголуп солкулдады, анткени Теңир каарданды.

9 Анын таноосунан түтүн көтөрүлүп, оозунан баарын жалмап жиберчү от чыкты. Андан күйүп жаткан чоктор чачырап жатты.

10 Асманды эңкейтип, Ал жерге түштү, Анын бут астында караңгылык жатты.

11 Ал керуптардын үстүнө отуруп, шамалдын канатында учуп жөнөдү.

12 Ал караңгылыкты Өзүнө чатыр сыяктуу жабуу кылды, Ал асмандагы булут сууларын коюулантып, Өзүнө чатыр кылды.

13 Анын алдындагы жарыктан оттуу чоктор жалбырттап күйүп жатты.

14 Асмандан Теңир күркүрөдү, Баарынан Жогору Турган үн салды.

15 Өзүнүн жебелерин тартып, аларды туш-тушка чачыратты. Чагылганды жарк эттирип, аларды жок кылды.

16 Теңирдин коркунучтуу добушунан, Анын таноосунан чыккан демден деңиз булактары ачылып, ааламдын негиздери жылаңачтанды.

17 Ал бийиктен колун сунуп, мени алды, мени чоң суулардан тартып чыгарды.

18 Мени күчтүү душманымдан, менден күчтүү болгон жек көрүүчүлөрдөн куткарды.

19 Алар мага башыма мүшкүл түшкөн күнү каршы чыгышты, бирок Теңир мага жөлөк болду.

20 Ал мени кең жерге алып чыкты, мени куткарды, анткени Ал мени жакшы көрөт.

21 Теңир менин адилдигиме жараша тиешемди берди, колумдун тазалыгына жараша сыйлык берди.

22 Анткени мен Теңирдин жолун сактадым, Кудайымдан четтеген жокмун.

23 Анткени Анын бардык мыйзамдары менин алдымда, Анын көрсөтмөлөрүнөн четтеген жокмун.

24 Мен Анын алдында таза элем, күнөө кылып албайын деп сактанчумун.

25 Теңир Өзүнүн көз алдындагы адилдигиме жараша, тазалыгыма жараша тиешемди берди.

26 Боорукерге Сен боорукердик кыласың, адил адамга Сен адилет мамиле кыласың,

27 тазага тазалыгына жараша, алдамчыга алдамчылыгына жараша мамиле кыласың.

28 Сен эзилген адамдарды куткарасың, менменсингендерди Өзүңдүн көз карашың менен кемсинтесиң.

29 Теңир, Сен менин чырагымсың. Теңир менин караңгымды жарык кылат.

30 Мен Сени менен аскерлерди талкалайм. Кудайым менен чепти ашып түшөм.

31 Кудай! Анын жолу таза, Теңирдин сөзү таза, Ал – Өзүнө таянгандардын баарына калкан.

32 Теңирден башка Кудай барбы? Биздин Кудайдан башка сактоочу барбы?

33 Кудай мага күч берет, мага түз жол салат.

34 Буттарымды бугунун буттарындай кылат, мени бийик жерлерге чыгарат.

35 Колумду согушка даярдайт, булчуңдарымды жез жаадай чоёт.

36 Сен мага куткаруучу калканыңды бердиң, Сенин ырайымың мени жогору көтөрөт.

37 Сен менин баса турган жолумду кеңейтесиң, ошондо тизелерим титиребейт.

38 Душмандарымды кууп жетип, аларды жок кылам, аларды жок кылмайынча, артка кайтпайм.

39 Аларды талкалайм, кырып жок кылам. Алар тура албай калышат, менин бут алдыма жыгылышат.

40 Сен мага согушканга күч бердиң, мага каршы көтөрүлгөндөрдү бут алдыма жыгып бердиң.

41 Душмандарымды менин көз алдымда артка чегинттиң. Мени жек көргөндөрдү кыйратып жатам.

42 Алар чакырып жатышат, бирок алардын куткарары жок. Теңирге жалынып жатышат, бирок Ал аларды укпайт.

43 Мен аларды топурактай чачам, аларды көчөдөгү баткактай ийлеп, тебелеп-тепсейм.

44 Сен мени өз элимдин козголоңунан куткарып алдың. Сен мени бөтөн элдерге эл башчы кылыш үчүн сактадың. Өзүм тааныбаган эл мага кызмат кылып жатат.

45 Бөтөн элдер менин алдымда жасакерленишет. Алар мен жөнүндө угуп эле мага баш ийишет.

46 Бөтөн элдер кумсарып, өздөрүнүн сепилдеринде титиреп отурушат.

47 Теңир тирүү, менин Тирегим даңкталсын! Мени куткарган Кудай даңазалансын.

48 Мен үчүн өч алган, мага бөтөн элдерди багындырып берген Кудай,

49 мени душмандарымдан куткарган Кудай даңкталсын! Мага каршы чыккандардын алдында Сен мени жогору көтөрдүң, мени катаал кишиден куткардың.

50 Ошон үчүн, Теңир, сени даңктайм, бөтөн элдердин арасында Сенин ысымыңды даңктап ырдайм.

51 Падышаны улуу жеңиш менен куткарган, Өзүң майлаган Дөөткө жана анын укум-тукумуна түбөлүккө ырайым кылган Сени даңктап ырдайм!»

**23-БӨЛҮМ**

**Дөөттүн акыркы сөзү**

1 Бул жогору коюлган адамдын, Жакыптын Кудайынын майланганынын, Ысрайылдын мукам үндүү ырчысы, Жышайдын уулу Дөөттүн акыркы сөздөрү:

2 «Теңирдин Руху мен аркылуу сүйлөйт, Анын сөзү менин оозумда.

3 Ысрайылдын Кудайы айтты, Ысрайылдын аскасы мен жөнүндө мындай деди: “Эл үстүнөн бийлик кылуучу адам адилет болсо, Кудайдын коркунучу менен бийлик жүргүзсө,

4 анда ал ачык асманга күн чыгып келе жаткандагы таңкы жарыктай, жамгырдан кийин чыккан жаркыроодой, ал жаркыроодон жерден чөп чыгат”.

5 Менин тукумум Кудай алдында ушундай эмеспи? Анткени Ал мени менен түбөлүк, бекем жана бузулбас келишим түздү. Менин бүт куткарылуум, бүт каалоом Андан келип жаткан жокпу?

6 Кудайсыздар ыргытылган, кол менен кармаганга болбой турган тикенектей болушат.

7 Бирок ким аны колу менен кармагысы келсе, ал темир менен же найзанын сабы менен куралданат, аны турган жеринде өрттөшөт».

**Дөөттүн эр жүрөк аскерлери**

8 Дөөттүн эр жүрөк аскерлеринин аттары: эснилик Жошеп-Башебет – үчөөнүн башкысы. Ал найзасын сегиз жүз кишиге көтөрүп, аларды бир жолку салгылашта талкалады.

9 Андан кийинкиси Дөөт менен жүргөн үч эр жүрөк аскердин бири, Акойактын небереси, Додонун уулу Элазар эле. Алар согушуу үчүн чогулган пелиштиликтерди намысына тийип чакырышканда, ал да Дөөттүн жанында эле.

10 Ысрайылдыктар пелиштиликтерге каршы чыгышты, ошондо ал туруп, пелиштиликтерди колу чарчап, кылычка жабышып калгыча кырды. Ошол күнү Теңир улуу жеңиш тартуулады, эл болсо талап-тоноо үчүн анын артында жүрдү.

11 Андан кийинкиси – арардык Агея уулу Шама. Пелиштиликтер Тиреяга, жасмык себилген талаага чогулганда, Ысрайыл эли пелиштиликтерден качты.

12 Ошондо ал талаанын ортосуна туруп, аны сактап калды, пелиштиликтерди кырды. Ошол күнү Теңир Ысрайылга улуу жеңиш тартуулады.

13 Отуз жол башчынын ичинен үчөө барды да, оруп-жыюу маалында Дөөткө, Адулам үңкүрүнө киришти. Ошол учурда Репа өрөөнүндө пелиштиликтердин кошууну турган.

14 Ошол учурда Дөөт бекемделген жерде эле, пелиштиликтердин кошууну болсо Бейт-Лехемде болчу.

15 Дөөт суу ичкиси келип: «Дарбазанын жанындагы Бейт-Лехем кудугунан ким мага суу алып келип, суусунумду кандырат?» – деди.

16 Ошондо бул үч эр жүрөк пелиштиликтердин кошуунун жарып өтүп, дарбазанын жанындагы Бейт-Лехем кудугунан суу сузуп, Дөөткө алып келип беришти. Бирок Дөөттүн ичкиси келген жок. Ал сууну Теңирдин даңкы үчүн төгүп салды да, мындай деди:

17 «Теңир, мени ушул сууну ичкенден сакта! Бул өз өмүрүн тобокелге салып барып келген адамдардын каны эмеспи?» Ошентип, сууну ичүүнү каалаган жок. Үч эр жүрөк ушундай кылган!

18 Ушул үчөөнүн ичинен Серуянын уулу, Жойаптын бир тууганы Абышай башчы эле. Ал өз найзасы менен үч жүз кишини өлтүргөн, тигил үчөөнүн арасында анын кадыры бар эле.

19 Ал үчөөнүн эң атактуусу жана башчысы болчу, бирок тиги үчөөнө тең келчү эмес.

20 Улуу иштерди кылган капсейелдик эр жүрөк адам – Жойат уулу Беная. Беная мааптык Ариелдин эки уулун өлтүргөн. Ак карлуу кышта орго түшүп, арстанды өлтүргөн.

21 Ал мисирлик бир алп кишини өлтүргөн. Колунда найзасы бар мисирликке союл менен чыгып, колунан найзасын тартып алып, аны өз найзасы менен өлтүргөн.

22 Жойат уулу Беная ушундай эрдик кылып, үч баатырдын ичинен атактуу болду.

23 Ал отуз баатырдын ичинен эң атактуу болчу, бирок тиги үчөөнө тең келе алчу эмес. Дөөт аны өз сакчыларына башчы кылып дайындаган.

24 Отуздун ичинде Жойаптын бир тууганы Асаел, бейт-лехемдик Додонун уулу Элханан,

25 хароттук Шама, хароттук Элика,

26 палтилик Хейлез, текоялык Икеш уулу Ира,

27 анатоттук Абиезер, хушалык Мебунай,

28 акойактык Салмон, нетопалык Марай,

29 нетопалык Баана уулу Хейлеп, Бенжемин уулдарынын Гибасынан Рибайдын уулу Итай,

30 пиратондук Беная, нахелей-гааштык Идай,

31 арабалык Абы-Албан, баркумдук Азмабет,

32 шаалбондук Элийакпа, Жашен уулдарынан Жонатан,

33 арардык Шама, арараттык Шарар уулу Ахиям,

34 Маахалыктын небереси, Ахазбайдын уулу Элипелет, гилолук Акитопел уулу Элиям,

35 кармелдик Хесрай, арбилик Паарай,

36 собалык Натан уулу Игал, гаттык Бани,

37 амондук Селек, Серуянын уулу Жойаптын курал көтөрүүчүсү бейроттук Нахрай,

38 итрилик Ира, итрилик Гареп,

39 хеттик Урий бар эле. Бардыгы отуз жети.

**24-БӨЛҮМ**

**Дөөт элди санаганы үчүн Теңирдин каарданышы**

1 Теңир Ысрайылга кайрадан каарданып, Дөөттү Ысрайыл элине каршы козгоп: «Бар, Жүйүт менен Ысрайылды санап кел», – деп айттырды.

2 Падыша жанындагы аскер башчысы Жойапка жана анын кишилерине кайрылды: «Дандан Бейер-Шебага чейинки Ысрайылдын бүт урууларын аралап чыгып, элдин санын эсептеп келгиле, мен элдин санын билишим керек».

3 Жойап падышага: «Кудай-Теңириң канча элиң болсо, дагы ошончо көбөйтсүн, жүз эсе көбөйтсүн, мырзам падыша муну өз көзү менен көрсүн, бирок мырзам падыша бул ишти эмнеге каалап калды экен?» – деди.

4 Бирок падышанын сөзү Жойаптын жана аскер башчылардын сөзүнөн күчтүү болду. Ошентип, Жойап аскер башчылары менен Ысрайыл элин саноо үчүн падышанын алдынан кетишти.

5 Алар Иордандан өтүп, Гат өрөөнүнүн ортосундагы шаардын оң тарабындагы, Жазер тараптагы Аройер шаарына токтошту.

6 Анан Гилатка жана Тахтим-Хотши жерине келишти. Анан алар Дан-Янга келип, Сидонду айланып өтүштү.

7 Тир чебине, анан хиптиктер менен канаандыктардын бардык шаарларына келип, Жүйүт аймагынын түштүгүнө, Бейер-Шебага чыгышты.

8 Ошентип, бардык жерди айланып өтүп, тогуз ай, жыйырма күн дегенде, Иерусалимге келишти.

9 Жойап падышага элдин тизмесин тапшырды. Ысрайылдыктардан сегиз жүз миң, ал эми жүйүттөрдөн беш жүз миң, согушка жарактуу, күчтүү адам бар экени маалым болду.

**Теңирдин Ысрайыл элине жугуштуу оору жибериши**

10 Элди санап чыккандан кийин, Дөөттүн жүрөгү солк этти. Анан Дөөт Теңирге: «Мен ушул ишти кылып, оор күнөө кетирдим. Эми Сага жалынам, Теңир, Өзүңдүн кулуңдун күнөөсүн кечир, анткени мен өтө акылсыз иш кылдым», – деди.

11 Дөөт эртеси эртең менен турганда, Дөөттүн көрөгөчү Гат пайгамбарга Теңирден мындай сөз болду:

12 «Баргын да, Дөөткө айт: Теңир мындай дейт: “Мен сага үч жаза сунуш кылам, алардын ичинен өзүң тарта турган бир жазаны тандап ал”».

13 Гат Дөөткө келип, мындай деп билдирди: «Өлкөңдө жети жыл ачарчылык болсунбу, же душмандарың сени кууп, алардан үч ай качып жүрөсүңбү, же өлкөңдү үч күн удаа жугуштуу оору каптасынбы? Өзүң танда. Ойлонуп, мени Жибергенге эмне деп жооп беришим керек экенин чеч».

14 Дөөт Гатка: «Мага абдан оор болду, бирок Теңирдин колуна түшкөнүм жакшы, анткени Ал абдан боорукер. Адамдын колуна түшпөсөм эле болду», – деди.

15 Теңир ысрайылдыктарга эртең мененден баштап, белгиленген убакытка чейин жугуштуу оору жиберди. Ошондо Дандан Бейер-Шебага чейин жетимиш миң киши өлдү.

16 Периште Иерусалимди кыйратуу үчүн, ага каршы колун сунду. Бирок Теңир алаамат түшүргөнүнө өкүнүп, элге кыргын салган периштеге: «Жетишет, эми колуңду түшүр», – деди. Теңирдин периштеси ошол учурда жебустук Арабенанын кырманынын жанында эле.

17 Дөөт элге кыргын салган периштени көрүп, Теңирге: «Мен күнөө кетирдим, мыйзамсыз иш кылдым. А бул койлор эмне кылды? Сенин колуң мага жана менин атамдын тукумуна каршы бурулсун», – деди.

**Дөөттүн Арабенанын кырманын сатып алышы**

18 Ошол күнү Гат Дөөткө келип: «Баргын да, жебустук Арабенанын кырманына Теңирге арнап курмандык чалынуучу жай тургуз», – деди.

19 Дөөт Гаттын сөзү, Теңирдин буйругу боюнча барды.

20 Арабена карап, өзүн көздөй келе жаткан падышаны жана анын кулдарын көрдү. Ошондо ал чыгып, падышага жерге чейин ийилип таазим этти.

21 Арабена: «Мырзам падыша өз кулуна эмнеге келди?» – деп сурады. Дөөт: «Элдин кырылганы токтош үчүн, кырманыңды сатып алып, Теңирге курмандык чалынуучу жай тургузганы келдим», – деп жооп берди.

22 Арабена Дөөткө мындай деди: «Мырзам падыша каалаганын алып, курмандыкка чалсын. Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка чалынчу өгүздөр мына, эгин бастыргыч менен өгүздүн догосу отун болсун.

23 Падышам, ушунун бардыгын Арабена падышага берип жатат». Арабена падышага дагы мындай деди: «Кудай-Теңир сага ырайым кылсын!»

24 Бирок падыша Арабенага: «Жок! Канча турса, мен сага ошончо төлөп берем. Кудай-Теңириме бекер алынган курмандыкты чалбайм», – деди. Дөөт кырманды, өгүздөрдү элүү күмүш шекелге сатып алды.

25 Анан Дөөт ал жерге Теңирге арнап курмандык чалынуучу жай тургузуп, бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктарды жана тынчтык курмандыктарын чалды. Ошондо Теңир өлкөгө ырайым кылды, Ысрайылдын кырылганы токтоду.

**БИРИНЧИ ПАДЫШАЛАР КИТЕБИ**

**1-БӨЛҮМ**

**Дөөттүн картайышы**

1 Дөөт аябай карып калган кезде, аны канчалык жылуулап жабышпасын, жылыбай койду.

2 Ошондо кулдары ага: «Мырзабыз падышага жаш кыз издешсин, ал падышанын жанында болсун, аны карасын, аны менен жатсын, ошондо мырзабыз падыша жылыйт», – дешти.

3 Бүткүл Ысрайыл жеринен сулуу кыз издеп, шунамдык Абишага деген кызды таап, падышага алып келишти.

4 Кыз абдан сулуу эле. Ал падышаны карап, ага кызмат кылып жүрдү. Бирок падыша ага жакындаган жок.

**Адониянын падыша болгусу келгени**

5 Дөөттүн Кагыттан төрөлгөн уулу Адония текеберденип: «Мен падыша болом», – деди. Ошентип, ал майдан араба, атчан жоокер жана элүү жөө күлүк күттү.

6 Атасы аны «Эмне үчүн минтип жатасың?» деген суроо менен капалантчу эмес. Ал абдан келишимдүү эле. Ал анын Абышаломдон кийин төрөлгөн уулу эле.

7 Адония Серуя уулу Жойап менен, ыйык кызмат кылуучу Абыйатар менен кеңешти, алар ага жардам беришти.

8 Бирок ыйык кызмат кылуучу Садок, Жойат уулу Беная, Натан пайгамбар, Шемей, Рея жана Дөөттүн эр жүрөк адамдары Адония тарапта болушкан жок.

9 Адония Эйин-Рогел булагынын жанындагы Зохелет ташынын жанында койлорду, өгүздөрдү, букачарларды союп, падышага кызмат кылган бардык жүйүттөр менен өз бир тууғандарын, падышанын уулдарын чакырды.

10 Бирок ал Натан пайгамбарды, Бенаяны жана Дөөттүн эр жүрөк адамдарын, бир тууганы Сулайманды чакырган жок.

**Сулаймандын падыша болушу**

11 Ошондо Натан Сулаймандын энеси Бат-Шебага мындай деди: «Падышанын Кагыттан төрөлгөн уулу Адония падыша болуп алганын уктуңбу? Бирок бул жөнүндө мырзабыз Дөөт билбейт.

12 Эми менин кеңешимди ук: өзүңдүн жаныңды жана уулуң Сулаймандын жанын сакта.

13 Бар, Дөөт падышага кирип, ага мындай де: “Мырзам падыша, "Менден кийин уулуң Сулайман падыша болот, ал менин тагыма отурат", – деп, өз күңүңө ант бербедиң беле? Эмне үчүн Адония падыша болуп калды?”

14 Сен ошол жерде падыша менен сүйлөшүп жатканыңда, сенин артыңан мен да кирип, сенин сөзүңдү толуктайм».

15 Бат-Шеба падышанын уктоочу бөлмөсүнө келди. Падыша өтө кары эле. Ага шунамдык Абишага кызмат кылып жүргөн.

16 Бат-Шеба ийилип, падышага таазим кылды. Падыша андан: «Сага эмне керек?» – деп сурады.

17 Бат-Шеба ага: «Мырзам падыша, “Уулуң Сулайман менден кийин падыша болот, ал менин тагыма отурат”, – деп, күңүңө Кудай-Теңириң менен ант бербедиң беле.

18 Бирок азыр Адония падыша болду, мырзам падыша, сен болсо ал жөнүндө билбейсиң.

19 Ал көп өгүз, букачар, кой союп, падышанын бардык уулдарын, ыйык кызмат кылуучу Абыйатарды, аскер башчы Жойапты чакырды, бирок кулуң Сулайманды чакырган жок.

20 Бирок, мырзам падыша, бүт ысрайылдыктар сени карап, өзүңдөн кийин кимди тактыга отургузуп, падыша кылып жарыяларыңды күтүп жатышат.

21 Болбосо мырзам падыша ата-бабалары жаткан жайга коюлганда, айып мага жана уулум Сулайманга коюлат», – деди.

22 Ал падыша менен сүйлөшүп жатканда, Натан пайгамбар да келди.

23 Падышага: «Натан пайгамбар келди», – дешти. Ал падышанын үстүнө кирип, жерге чейин ийилип таазим кылды.

24 Анан Натан мындай деди: «Мырзам падыша! “Менден кийин Адония падышачылык кылат, менин тагыма отурат”, – деп айттың беле?

25 Себеби ал бүгүн түшүп келип, көптөгөн өгүз, кой, букачар союп, падышанын бардык уулдарын, аскер башчыларды жана ыйык кызмат кылуучу Абыйатарды чакырды. Алар аныкында ичип-жеп отурушат. “Жашасын Адония падыша!” – деп жатышат.

26 Бирок кулуң мени, ыйык кызмат кылуучу Садокту, Жойат уулу Бенаяны жана кулуң Сулайманды чакырган жок.

27 Бул менин мырзам падышанын каалоосу менен болдубу? Өзүңдөн кийин тагыңа ким отурарын кулуңа эмне үчүн айткан жоксуң?»

28 Дөөт падыша: «Мага Бат-Шебаны чакырып келгиле», – деди. Ал кирип, падышанын алдына келди.

29 Падыша мындай деп ант берди: «Менин жанымды бардык кайгыдан куткаруучу Теңир тирүү!

30 Мен сага: “Менден кийин сенин уулуң Сулайман падышачылык кылат, ал менин тагыма отурат”, – деп, Ысрайылдын Кудай-Теңири менен ант бергем. Мен аны бүгүндөн калбай орундатам».

31 Ошондо Бат-Шеба жерге чейин ийилип, падышага таазим этип: «Мырзам, Дөөт падыша, кылымдан кылымга жашасын!» – деди.

32 Дөөт падыша: «Мага ыйык кызмат кылуучу Садокту, Натан пайгамбарды, Жойат уулу Бенаяны чакырып келгиле», – деди. Алар падышага келишти.

33 Падыша аларга мындай деди: «Менин кулдарымды алып, уулум Сулайманды качырыма мингизип, Гихонго алып баргыла.

34 Ал жерде ыйык кызмат кылуучу Садок менен Натан пайгамбар аны Ысрайылга падыша кылып
майлашсын. Анан сурнай тартып: “Жашасын Сулайман падыша!” – деп жар салгыла.

35 Анан аны кайра алып келгиле, ал келип, менин тагыма отурат. Менин ордума ал падышачылык кылат.
Мен аны Ысрайыл менен Жүйүткө жол башчы кылып дайындадым».

36 Жойат уулу Беная падышага мындай деди: «Оомийин! Мырзам падышанын Кудай-Теңири да ушинтип
айтсын!

37 Кудай-Теңир мырзам падыша менен болгондой эле, Сулайман менен да болсун. Ал анын тактысын менин
мырзам Дөөт падышанын тактысынан да жогору кылсын!»

38 Ошентип, ыйык кызмат кылуучу Садок, Натан пайгамбар, Жойат уулу Беная, керейликтер менен
пелейликтер Сулайманды Дөөт падышанын качырына мингизип, Гихонго алып жөнөштү.

39 Ыйык кызмат кылуучу Садок жыйын чатырынан мүйүзгө куюлган зайтун майын алып, Сулайманды
майлады. Анан сурнай тартышты, бүт эл: «Жашасын Сулайман падыша!» – деп жар салды.

40 Бүт эл Сулайманды коштоп жүрдү. Эл чоор тартып, аябай кубанып, жер жаңырта кыйкырып жатты.

41 Муну Адония жана анын чакырган коноктору тамак жеп бүтүшөрү менен угушту. Жойап сурнай үнүн
угуп: «Бул эмне деген ызы-чуу? Шаарда эмне болуп жатат?» – деп сурады.

42 Ал сүйлөп жатканда, ыйык кызмат кылуучу Абыйатар уулу Жонатан келди. Адония: «Кир, сен жакшы
адам элең, жакшы кабар менен келгендирсиң», – деди.

43 Жонатан Адонияга мындай деп жооп берди: «Ооба, мырзабыз Дөөт падыша Сулайманды падыша койду.

44 Падыша ыйык кызмат кылуучу Садокту, Натан пайгамбарды, Жойат уулу Бенаяны, керейликтер менен
пелейликтерди аны менен кошо жиберди, алар аны падышанын качырына мингизишти.

45 Ыйык кызмат кылуучу Садок менен Натан пайгамбар аны Гихондо падыша кылып майлашты. Алар ал
жактан кубаныч менен кайтышты, шаар кыймылга келди. Силер уккан ызы-чуу мына ушундан».

46 Сулайман падышачылык такка отургандан кийин,

47 падышанын кулдары мырзабыз Дөөт падышаны куттуктаганы келип: «Кудайың Сулаймандын атын
сеникинен да жогору кылсын, анын тактысын сеникинен да жогору койсун!» – дешти. Падыша төшөгүндө
отуруп таазим кылды.

48 Анан падыша: «Ысрайылдын Кудай-Теңирине даңк! Бүгүн Ал менин тагыма өз уулумду отургузду, муну
менин көзүм көрдү!» – деди.

49 Ошондо Адониянын чакырган конокторунун баары корккондорунан тура калып, ар кимиси өз жолуна
түштү.

50 Адония болсо Сулаймандан коркуп, ордунан турду да, барып, курмандык чалынуучу жайдын мүйүздөрүн
кармады.

51 Сулайманга мындай деп билдиришти: «Адония Сулайман падышадан коркуп, курмандык чалынуучу
жайдын мүйүздөрүн кармап алып: “Сулайман падыша кулун кылычтап өлтүрбөйм деп, мага азыр ант
берсин”, – деп жатат».

52 Ошондо Сулайман: «Эгерде ал ак ниет адам болсо, анда бир тал чачы да жерге түшпөйт. Эгерде арам ою болсо, анда өлөт», – деди.

53 Анан Сулайман падыша киши жиберип, аны курмандык чалынуучу жайдан алдырды. Ал келип, Сулайман падышага таазим кылды. Сулайман ага: «Үйүңө бар!» – деди.

**2-БӨЛҮМ**

**Дөөттүн Сулайманга айткан керээзи**

1 Дөөт өлөр күнү жакындап калганда, уулу Сулайманга мындай керээз айтты:

2 «Мына, мен бардык адамдар баруучу жайга кеткени жатам, сен болсо бекем, кайраттуу бол.

3 Эмне гана кылба, бардык нерседе, кайда гана барба, бардык жерде акыл-эстүү болушуң үчүн, Кудай-Теңириңдин Мусанын мыйзамында жазылган мыйзамдарын, буйруктарын, көрсөтмөлөрүн, осуяттарын аткар, Анын жолдору менен жүр, Анын келишимин сакта.

4 Теңир Өзүнүн мен жөнүндө айткан сөзү аткарылышы үчүн мындай деген эле: "Эгерде сенин уулдарың чын жүрөктөн, жан-дили менен Менин алдымда туура жүрүү үчүн, өздөрүнүн жолдоруна көз салып жүрсө, анда сенин тукумуңдан Ысрайылдын тагында отурган адам үзүлбөйт".

5 Серуянын уулу Жойаптын мага эмне кылганын, Ысрайылдын эки аскер башчысы Нейир уулу Абенер менен Жетер уулу Амасага эмне кылганын, бейпил убакта кан төгүп, аларды кандай өлтүргөнүн, белиндеги курун, бутундагы бут кийимин канга боёгонун билесиң.

6 Ошондуктан акылга салып иш кыл, анын ак чач башын өлгөндөр жаткан жайга тынчтык менен жөнөтпө.

7 Ал эми гилаттык Барзелай уулдарына жакшылык кыл, алар сенин дасторконуңдан тамактангандардын арасында болсун, анткени агаң Абышаломдон качып жүргөнүмдө, алар мага жардамга келишкен.

8 Сенде Бенжемин уруусундагы бакуримдик Гейранын уулу Шемей да бар. Мен Маханаймге бара жатканда, ал мени абдан жаман сөздөр менен тилдеген. Бирок ал мени Иордандын жанынан тосуп чыкканда, мен ага Теңир менен: "Мен сени кылычтап өлтүрбөйм", – деп ант берип койгом.

9 Сен болсо аны жазасыз калтырба, анткени сен акылдуу адамсың, ага эмне кылышты билесиң, анын ак чач башын өлгөндөр жаткан жайга канга боёп жөнөт».

**Дөөттүн көз жумушу**

10 Ошентип, Дөөт ата-бабаларына кошулду. Анын сөөгү Дөөттүн шаарына коюлду.

11 Дөөт Ысрайылга кырк жыл падышачылык кылды. Ал жети жыл Хеброндо, отуз үч жыл Иерусалимде падышачылык кылды.

12 Сулайман атасы Дөөттүн тагына отурду, анын падышачылыгы абдан бекем болду.

**Адониянын өлүшү**

13 Падышанын Кагыттан төрөлгөн уулу Адония Сулаймандын энеси Бат-Шебага келди. Бат-Шеба: «Тынчтык менен келдиңби?» – деп сурады. Адония болсо: «Тынчтык менен», – деп жооп берди.

14 Анан мындай деди: «Сага айтчу сөзүм бар». Бат-Шеба ага: «Айта бер», – деди.

15 Адония мындай деди: «Сен билесиң, падышачылык мага таандык эле. Бүт Ысрайыл мени өздөрүнүн падышасы катары карачу, бирок падышачылык менден четтеп, менин бир тууганыма тийди, анткени бул Теңирден болду.

16 Эми сенден бир нерсе сурайын, жок дей көрбө». Ал ага: «Айт», – деди.

17 Адония: «Сулайман падыша менен сүйлөш, суранам сенден, анткени ал сага жок дебейт, шунамдык Абишаганы мага аялдыкка берсин», – деди.

18 Бат-Шеба мындай деди: «Болуптур, сен жөнүндө падыша менен сүйлөшөйүн».

19 Бат-Шеба Адония жөнүндө сүйлөшүү үчүн, Сулайман падышага кирди. Падыша ордунан тура калып таазим кылды да, тагына кайра отурду. Падышанын энесине да такты коюшту, ал анын оң жагына отуруп, мындай деди:

20 «Сага бир кичине өтүнүч менен келдим, жок дебе», – деди. Падыша ага: «Сурагын, энеке, сага кантип жок дейин», – деди.

21 Энеси ага: «Бир тууганың Адонияга шунамдык Абишаганы аялдыкка бер», – деди.

22 Сулайман падыша энесине: «Шунамдык Абишаганы эмне үчүн Адонияга сурап жатасың? Анда ага падышачылыкты да кошо сура, анткени ал менин улуу агам, ыйык кызмат кылуучу Абыйатар менен Серуянын уулу Жойап – анын достору», – деп жооп берди.

23 Анан Сулайман Теңир менен мындай деп ант берди: «Адония ушул сөзү үчүн өз өмүрү менен жооп бербей турган болсо, анда Кудай мени жазаласын, катуу жазаласын.

24 Мени бекемдеп, атам Дөөттүн тагына отургузган, Өзү айткандай, мага жана менин тукумума падышачылыкты берген Теңир тирүү! Адония ушул күнү өлүшү керек».

25 Анан Сулайман падыша Жойаттын уулу Бенаяны жиберди, ал Адонияны өлтүрдү. Ошентип, ал өлдү.

**Абыйатардын ыйык кызматтан четтетилиши. Жойаптын өлүшү**

26 Ал эми ыйык кызмат кылуучу Абыйатарга падыша: «Өз жериң Анатотко кет. Сен өлүмгө татыктуусуң, бирок азыр мен сени өлтүрбөйм, анткени сен атам Дөөттүн алдында Эгедер Теңирдин келишим сандыгын көтөрүп жүргөнсүң, атам тарткан азапты сен да тарткансың», – деди.

27 Сулайман Абыйатарды Теңирге ыйык кызмат кылуудан четтетти. Ошентип, Теңирдин Шилодо Эйлинин тукуму жөнүндө айткан сөзү аткарылды.

28 Бул жөнүндө Жойапка да жетти. Ал Сулайман жакка ообой, Адония жакка оогон эле. Ошондуктан Жойап Теңирдин жыйын чатырына качып барып, курмандык чалынуучу жайдын мүйүздөрүн кармады.

29 Жойаптын Теңирдин жыйын чатырына качып барып, курмандык чалынуучу жайдын жанында турганын Сулайман падышага билдиришти. Сулайман Жойат уулу Бенаяны: «Барып, аны өлтүр», – деп жиберди.

30 Беная Теңирдин жыйын чатырына келип, ага мындай деди: «Падыша сага: “Бери чык”, – деп жатат». Жойап болсо: «Жок, мен ушул жерде өлгүм келет», – деди. Беная падышага: «Жойап ушинтип айтты, мага ушинтип жооп берди», – деп жеткирди.

31 Падыша ага мындай деди: «Аны өзү айткандай кылып өлтүрүп, көргө кой. Жойап төккөн күнөөсүз канды менин жана атамдын тукумунун мойнунан алып ташта.

32 Өзүнөн мыкты, айыпсыз эки жоокерди өлтүргөндүгү үчүн, алардын каны анын мойнунда болсун. Ал атам Дөөткө билдирбей, Ысрайылдын аскер башчысы Нейир уулу Абенерди жана Жүйүттүн аскер башчысы Жетер уулу Амасаны кылычтап өлтүргөн.

33 Алардын каны түбөлүккө Жойаптын жана анын тукумунун мойнунда болсун, ал эми Дөөткө, анын тукумуна, үй-бүлөсүнө, тагына Теңирден түбөлүккө тынчтык болсун!»

34 Жойат уулу Беная барды да, Жойапты кылыч менен сайып өлтүрдү. Ал чөлдөгү өз үйүнө коюлду.

35 Сулайман падыша Жойат уулу Бенаяны Жойаптын ордуна аскер башчы койду. Ыйык кызмат кылуучу Садокту болсо Абыйатардын ордуна койду.

**Шемейдин өлүшү**

36 Падыша Шемейди чакыртып, ага мындай деди: «Иерусалимге үй салып, ушул жерде жаша, бул жерден эч жакка чыкпа.

37 Билип кой, чыккан күнү, Кидрон суусунан өткөн күнү сөзсүз өлөсүң. Өз каның өз мойнуңда болот».

38 Шемей падышага мындай деди: «Жакшы болот, мырзам падыша кандай буйруса, кулуң ошондой аткарат». Ошентип, Шемей Иерусалимде көпкө жашады.

39 Бирок үч жылдан кийин Шемейдин эки кулу Гат падышасы Мааханын уулу Акиштикине качып кетти. Шемейге: «Сенин кулдарың Гатта», – деп айтышты.

40 Шемей турду да, эшегин токуп, кулдарын издеп таап келүү үчүн, Гатка, Акиштикине жөнөдү. Гаттан Шемей кулдарын алып кайтып келди.

41 Шемейдин Иерусалимден чыгып, Гатка барып келгенин Сулайманга билдиришти.

42 Ошондо падыша Шемейди чакыртып, ага мындай деди: «"Билип кой, сен чыккан күнү, бир жакка барган күнү сөзсүз өлөсүң", – деп, Теңир менен ант бербедим беле? Сен мага: "Жакшы болот", – дебедиң беле.

43 Эмне үчүн сен Теңир алдында ант берип айткан буйругумду аткарган жоксуң?»

44 Анан падыша Шемейге мындай деп айтты: «Атам Дөөткө жасаган жамандыгыңдын баарын билесиң, жүрөгүң да билет. Ошол жамандыгыңды Теңир өз мойнуңа салсын!

45 Ал эми Сулайманга Теңир батасын берсин! Теңир алдында Дөөттүн тагы түбөлүккө бекем болсун!»

46 Падыша Жойат уулу Бенаяга буйрук кылды. Ал барып, Шемейди өлтүрдү.

**3-БӨЛҮМ**

**Сулаймандын сыйынуусу**

1 Сулайман Мисир падышасы фараон менен туугандашып, анын кызын аялдыкка алды. Өзүнүн үйүн, Теңир үйүн, Иерусалим дубалдарын кура элек болгондуктан, аялын Дөөттүн шаарына алып келди.

2 Бирок эл курмандыкты дагы эле бийик жерлерде чалып жаткан, анткени ошол убакка чейин Теңирдин ысымына арналып үй курула элек эле.

3 Сулайман Теңирди сүйдү, атасы Дөөттүн осуяты боюнча жүрдү, бирок ал да бийик жерлерде курмандык чалчу, жыпар жыттуу зат түтөтчү.

4 Курмандык чалуу үчүн, падыша Гибонго кетти, анткени ал жерде чоң курмандык чалынуучу жай бар эле. Ошол курмандык чалынуучу жайда Сулайман бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктан миңди чалды.

5 Гибондо, түн ичинде Сулаймандын түшүнө Теңир кирди. Кудай ага: «Сура, сага эмне берейин?» – деди.

6 Сулайман мындай деди: «Сен Өз кулуң Дөөткө, менин атама, зор ырайым көрсөттүң. Ал Сенин алдыңда туура, түз жүрүп, чынчыл болгондугу үчүн Сен ага ушул улуу ырайымды сактадың, тагына отура турган уул бердиң. Ал мына ушул күндө жүзөгө ашып отурат.

7 Кудай-Теңирим, Сен азыр кулуңду атам Дөөттүн ордуна падыша кылдың, бирок мен жашмын, көп нерсени билбейм.

8 Кулуң Өзүң тандаган элиңдин, көп сандаган элиңдин арасында турат, көптүгүнөн аларды санап чыгуу да, карап чыгуу да мүмкүн эмес.

9 Сенин элиңди башкарууга, жаман-жакшыны ажырата билүүгө Өз кулуңа акылдуу жүрөк бер, анткени Сенин көп сандуу элиңди ким башкара алат?»

10 Сулаймандын бул суранычы Теңирге жакты.

11 Кудай ага: «Сен ушуну сураганың үчүн, узун өмүрдү, байлыкты жана душмандарыңдын жанын сурабай, туура бийлик жүргүзүүгө акыл сураганың үчүн

12 Мен сенин сөзүң боюнча кылам. Мына, мен Сага акылдуу, даанышман жүрөк берип жатам, сендей адам сенден мурун да болгон эмес, сенден кийин да болбойт.

13 Мен сага сен сурабаган нерсени, байлыкты, даңкты берип жатам, андыктан өмүрүң өткөнчө, падышалар арасында сендей адам болбойт.

14 Эгерде сен атаң Дөөттөй болуп, Менин жолум менен жүрсөң, мыйзамдарым менен осуяттарымды аткарсаң, Мен сенин өмүрүңдү да узун кылам», – деди.

15 Сулайман ойгонгондо, бул түш экенин билди. Анан ал Иерусалимге барып, Теңирдин келишим сандыгынын алдында бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктарды, тынчтык курмандыктарын чалып, кызматчыларына чоң той берди.

**Сулаймандын даанышмандыгы**

16 Ошондо бузулган эки аял келип, падышанын алдында турду.

17 Аялдын бири мындай деди: «Оо мырзам! Бул аял экөөбүз бир үйдө жашайбыз. Ошол үйдө мен мунун көз алдында төрөдүм.

18 Мен төрөгөндөн кийин, үчүнчү күнү бул аял да төрөдү. Экөөбүз чогуу болчубуз, үйдө бизден бөлөк эч ким жок эле. Үйдө экөөбүз эле болчубуз.

19 Түн ичинде бул аялдын баласы өлүп калды. Анткени ал уктап калып, баласын басып өлтүрүп алды.

20 Анан ал түн ичинде, күңүң мен уктап жатканда, туруп келип, менин баламды өзүнүн койнуна алып, өзүнүн өлгөн баласын менин койнума салып коюптур.

21 Баламды эмизейин деп, эртең менен турсам, ал өлүп калыптыр. Эртең менен жакшылап карасам, ал мен төрөгөн бала эмес экен».

22 Анда тиги аял: «Жок, менин балам тирүү, сенин балаң өлгөн», – деди. Ал эми берки аял: «Жок, өлгөн бала сеники, менин балам тирүү», – деди. Падышанын алдында алар ушинтип талашып жатышты.

23 Ошондо падыша мындай деди: «Бул аял: “Тирүү бала меники, өлгөн бала сеники”, – дейт. Тиги аял болсо: “Жок, өлгөн бала сеники, тирүү бала меники”, – дейт».

24 Анан падыша: «Мага кылычты алып бергиле», – деди. Падышага кылычты алып келип беришти.

25 Падыша: «Тирүү баланы экиге бөлө чаап, жарымын бирине, жарымын экинчисине бергиле», – деди.

26 Баласы тирүү аял баласын аяп, жан алакетке түшүп, падышага: «Оо мырзам! Тирүү баланы буга бергиле, аны өлтүрбөгүлө», – деди. Тиги аял болсо: «Бөлө чапкыла, бала меники да, аныкы да болбосун», – деди.

27 Ошондо падыша: «Тирүү баланы буга бергиле, аны өлтүрбөгүлө, анткени бул – анын энеси», – деп жооп берди.

28 Бүт Ысрайыл падышанын өкүмү жөнүндө укту, ошондон кийин падышадан коркуп калышты, анткени анда сот жүргүзүү үчүн Кудайдан болгон даанышмандык бар экенин көрүштү.

**4-БӨЛҮМ**

**Сулаймандын убагындагы башкаруучулар**

1 Ошентип, Сулайман бүт Ысрайылга падыша болуп турду.

2 Анын кол астындагы башкаруучулары мына булар эле: ыйык кызмат кылуучу: Садоктун уулу Азария.

3 Катчылар: Шиши уулдары Элихореп менен Акия. Тарыхчы: Акилут уулу Жошапат.

4 Аскер башчы: Жойат уулу Беная. Ыйык кызмат кылуучулар: Садок менен Абыйатар.

5 Натан уулу Азария – дубан кызматчылардын үстүнөн башчы, ыйык кызмат кылуучу Натандын уулу Забут – падышанын досу.

6 Падыша сарайынын башчысы – Акишар, салык жыйноочулардын башчысы – Абда уулу Адонурам.

7 Сулаймандын бүткүл Ысрайылга койгон он эки башкаруучусу бар эле, алар падышага, анын үйүнө азык-түлүк жеткирип турушчу. Ар бири жыл сайын бир айга жеткидей азык жеткирчү.

8 Алардын аттары: Эпрайым тоосун Хур уулу,

9 Макасты, Шаалбимди, Бейт-Шемешти, Эйлонду жана Бейт-Кананды Декер уулу,

10 Арубатты Хесет уулу башкарчу. Сохо менен бүт Хейпер жерин да ал башкарчу.

11 Бүтүн Напат-Дорду Абинадап уулу башкарчу. Сулаймандын кызы Тафат анын аялы эле.

12 Акилут уулу Баана Таанахты, Мегидону, Изрейелдин төмөн жагындагы Саретандын жанындагы Бейт-Шейанды, Бейт-Шейандан Абел-Мекелге чейинки жерлерди, атүгүл, Жокмаамдын ары жагындагы жерлерди да башкарчу.

13 Гебер уулу Гилаттын Рамотун башкарчу. Анын карамагында Менашенин уулу Жайырдын Гилаттагы кыштактары бар эле. Ошондой эле анын карамагына Башандагы Аргоп дубаны дубалдуу жана жез кулпулуу алтымыш чоң шаары менен тиешелүү эле.

14 Маханайимди Идо уулу Акинадап башкарчу.

15 Напталы жерин Акимаас башкарчу. Ал Сулаймандын кызы Басематты аялдыкка алган.

16 Бейалот жана Ашыр жерин Хушайдын уулу Баана башкарчу.

17 Исахар жерин Паруахтын уулу Жошапат башкарчу.

18 Бенжемин жерин Эйланын уулу Шимей башкарчу.

19 Гилат жерин, Амор падышасы Сихондун жерин жана Башан падышасы Огдун жерин Ури уулу Гебер башкарчу.

**Сулаймандын убагындагы бакыбат жашоо**

20 Деңиз жээгиндеги кумдай көп Жүйүт менен Ысрайыл ичип-жеп, көңүл ачып жатты.

21 Сулайман Эфрат дарыясынан Пелишти жерине чейинки, Мисир жерине чейинки бүт падышачылыктарга ээлик кылды. Алар Сулаймандын көзү өткөнчө кызмат кылып, тартуу алып келип турушту.

22 Сулаймандын бир күнкү азык-түлүгү отуз кор буудай унунан, алтымыш кор башка ундан,

23 бугулардан, жейрендерден, бөкөндөрдөн жана семиртилген канаттуулардан тышкары бордолгон он өгүздөн, жайыттан алынган жыйырма өгүздөн, жүз койдон турган.

24 Анткени ал дарыянын берки өйүзүндөгү бардык жерге, Типсактан Азага чейин, дарыянын берки өйүзүндөгү бардык падышаларга үстөмдүк кылды жана тегерегиндеги бардык өлкөлөр менен тынчтыкта болду.

25 Сулаймандын көзү өткөнчө, Дандан Бейер-Шебага чейин жаткан Ысрайыл менен Жүйүт эли өздөрүнүн анжыр жыгачынын, жүзүм багынын астында бейкапар жашады.

26 Сулаймандын майдан арабага чегилген аттары үчүн кырк миң мамысы, аттары үчүн он эки миң мамысы бар эле.

27 Ошол башкаруучулардын ар бири өзүнө белгиленген айда Сулайман падышанын дасторконуна тиешелүү болгон бардык нерселерди жеткирип турушту, аны эч нерсеге муктаж кылышкан жок.

28 Падыша конуш алган жерге ар бири өз кезеги менен аттарга, качырларга арпа, саман жеткирип турушту.

29 Кудай Сулайманга деңиз жээгиндеги кумдай көп акылмандык, даанышмандык, кеменгерлик берди.

30 Сулаймандын акылмандуулугу чыгыш уулдарынын бүт акылмандуулугунан жана мисирликтердин бүт акылмандуулугунан жогору эле.

31 Ал бардык адамдардан акылдуу болчу, акылы эзрахилик Эйтандан, Эйман, Калкол, Дарда, Махол уулдарынан алда канча өйдө болчу. Тегерек-четтеги бардык элдерге аты чыкты.

32 Ал үч миң накыл сөз айткан, анын бир миң беш ыры бар эле.

33 Ошондой эле дарактар жөнүндө, Лебанондогу кедр жыгачынан баштап дубалга жабышып өсүүчү иссопко чейин айткан. Жаныбарлар, канаттуулар, сойлоп жүрүүчүлөр жана балыктар жөнүндө айткан.

34 Сулаймандын акылмандыгы жөнүндө уккан жер үстүндөгү бардык падышачылыктардан, бардык элдерден анын акылмандуулугун угуу үчүн келип турушчу.

**5-БӨЛҮМ**

**Сулаймандын ийбадаткана курууга даярданышы**

1 Тир падышасы Хирам Сулаймандын атасынын ордуна падыша болуп майланганын угуп, ага өкүлдөрүн жөнөттү, анткени Хирам Дөөттүн түбөлүк досу болгон.

2 Сулайман да Хирамга мындай деп айттырды:

3 «Өзүң билесиң, атам Дөөт тегерегиндеги элдер менен согушуп тургандыктан, Теңир ал элдерди анын бут алдына жыкканга чейин, өз Кудай-Теңиринин ысымына арнап үй кура алган жок.

4 Ушул кезде мага Кудай-Теңирим бардык жактан тынчтык берди. Душман жок, мындан ары тоскоолдук кыла турган эч ким жок.

5 Теңир атам Дөөткө: "Сенин ордуңа, тагыңа Мен отургуза турган уулуң Менин ысымыма арнап үй курат", – деген, ошондуктан мен Кудай-Теңиримдин ысымына арнап үй курууну ниет кылып жатам.

6 Андыктан мен үчүн Лебанондон кедр дарагын кыюуну буйрук кыл. Менин кулдарым сенин кулдарың менен бирге болот, мен сенин кулдарыңа сен белгилегендей акы төлөйм, анткени бизде дарак кыюуну сидондуктардай билген киши жок экенин сен билесиң».

7 Сулаймандын сөзүн укканда, Хирам абдан кубанып: «Ушул көп элди башкаруу үчүн, Дөөткө акылман уул берген Теңир даңкталсын!» – деди.

8 Хирам Сулайманга мындай деп айттырды: «Мага элчи жибергениңдин себебин уктум, кипарис жана кедр жыгачтары жөнүндөгү бүт каалооңду аткарам.

9 Менин кулдарым жыгачтарды Лебанондон деңизге жеткиришет, сен айткан жерге деңиз аркылуу сал менен жеткирип, жыйып коюшат, аларды ошол жерден аласың. Бирок сен да менин каалоомду аткарып, үй-бүлөмө дан жеткиртип бер».

10 Хирам Сулаймандын каалоосун толук аткарып, кипарис жана кедр жыгачтарын берип турду.

11 Сулайман болсо Хирамга, анын үйү үчүн жыйырма миң кор буудай, жыйырма миң кор жанчылган зайтун майын берип турду. Жыл сайын Сулайман Хирамга ушунчадан берип турду.

12 Теңир Сулайманга убада кылган акылмандыкты берди. Сулайман менен Хирам өз ара келишим түзүп, тынчтыкта болушту.

13 Анан Сулайман падыша бүт Ысрайылга милдеттенме берди. Милдеттенмени аткаруучулардын саны отуз миң адам болду.

14 Аларды Лебанонго ай сайын он миңден кезек менен жөнөтүп турду. Алар бир ай Лебанондо, эки ай үйлөрүндө болуп турушту. Аларга Адонурам башчылык кылды.

15 Сулаймандын тоодо оор жүк көтөргөн жетимиш миң адамы, таш сомдогон сексен миң адамы болгон.

16 Элдин ишин көзөмөлдөө үчүн, Сулайман үч миң үч жүз башчы койгон.

17 Падыша үйдүн пайдубалы үчүн чоң, кымбат, жылмаланган таштарды ташып келүүнү буйрук кылды.

18 Аларды Сулаймандын, Хирамдын жумушчулары жана гебалдыктар сомдошкон. Алар үй куруууга жыгачтар менен таштарды даярдашкан.

**6-БӨЛҮМ**

**Ийбадаткананын курулушу**

1 Ысрайыл уулдарынын Мисир жеринен чыкканына төрт жүз сексен жыл болгондо, Сулаймандын Ысрайылга падыша болгонуна төрт жыл болгондо, Зуп айында, экинчи айда ал Теңирге арнап ийбадаткана кура баштады.

2 Теңирге арнап Сулайман курган ийбадаткананын узундугу алтымыш, туурасы жыйырма, бийиктиги отуз чыканак эле.

3 Ийбадаткананын алдындагы кире бериш бөлмөнүн узундугу жыйырма чыканак (имараттын туурасына барабар), туурасы он чыканак эле.

4 Сулайман үйгө тосмо торлуу, ачылбаган терезелерди жасады.

5 Ийбадаткананын дубалын тегерете, ийбадатكананы тегерете, ички бөлмөнү тегерете курулуш улады. Тегерете каптал бөлмөлөрдү курду.

6 Үйгө улай салынган курулуштун төмөнкү кабатынын туурасы беш чыканак, ортоңкусунун туурасы алты чыканак, үчүнчүсүнүн туурасы жети чыканак болду, улай салынган курулуш ийбадаткананын дубалына тийип турбаш үчүн, ийбадаткананын сыртына тегерете чыгып турган кошумча дубал тургузулду.

7 Ийбадаткана курулуп жатканда, ага жылмаланган таштар пайдаланылды. Ийбадатканааны куруу убагында балтанын да, балканын да, башка темир куралдардын да үнү угулган жок.

8 Үйгө улай салынган курулуштун ортоңку кабатына кирүүчү эшик оң жагында эле. Тегерек тепкич аркылуу ортоңкуга, ал эми ортоңкудан үчүнчү кабатка чыгышкан.

9 Сулайман ийбадатканааны куруп бүтүп, сыртын кедр тактайы менен каптады.

10 Ийбадаткананын бардык капталына бийиктиги беш чыканак бөлмөлөрдү курду. Ийбадатканага алар кедр устундары менен бириктирилди.

11 Сулайманга Теңирден сөз болду, ага мындай айтылды:

12 «Сен ийбадаткананы куруп жатасың, эгерде сен Менин көрсөтмөлөрүм менен мыйзамдарым боюнча жүрүп, осуяттарымдын баарын сактап, аткара турган болсоң, анда Мен атаң Дөөткө айткан сөзүмдү орундатам.

13 Ысрайыл уулдарынын арасында жашап, Өз элим Ысрайылды таштабайм».

14 Сулайман ийбадаткананы куруп бүттү.

15 Ал ийбадаткананын ичин кедр тактайы менен каптады. Ийбадаткананын полунан шыбына чейин тактай менен каптап, полуна кипарис тактайын төшөдү.

16 Ийбадаткананын арт жагынан, четинен жыйырма чыканак ары карай дубал тургузду. Шыбы менен дубалын кедр тактайы менен каптап, ички бөлмөнү курду.

17 Ийбадаткананын алдыңкы бөлүгү кырк чыканак эле.

18 Ийбадаткананын ичиндеги кедр тактайынын бетине бадыраңдын жана ачылган гүлдөрдүн сүрөтү оюлуп түшүрүлдү. Баары кедр менен капталып, ташы көрүнбөй калды.

19 Ийбадаткананын ичине жасалган ички бөлмөнү ал Теңирдин келишим сандыгын коюу үчүн даярдады.

20 Ички бөлмөнүн узундугу жыйырма чыканак, туурасы жыйырма чыканак, бийиктиги да жыйырма чыканак болду. Аны таза алтын менен каптады. Кедрден жасалган курмандык чалынуучу жайды да алтын менен каптады.

21 Сулайман ийбадаткананын ичин таза алтын менен каптады, ички бөлмөнүн алдына алтын чынжыр тартып, аны да алтын менен каптады.

22 Ийбадаткананы бүт бойдон алтын менен каптады, ички бөлмөнүн алдындагы курмандык чалынуучу жайды да бүт бойдон алтын менен каптады.

23 Ички бөлмөгө зайтун жыгачынан бийиктиги он чыканак болгон эки круп жасады.

24 Круптун бир канаты беш чыканак, экинчи канаты беш чыканак эле. Бир канатынын четинен экинчи канатынын четине чейин он чыканак болчу.

25 Экинчи круп да он чыканак болчу. Эки круптун өлчөмү менен сырткы көрүнүшү бирдей эле.

26 Эки круптун тең бийиктиги он чыканак эле.

27 Ал круптарды ийбадатканадагы ыйыктын ыйыгы бөлмөсүнүн ортосуна койду. Круптардын канаты жазылып, бирөөнүн канаты дубалдын бир жагына, экинчи круптун канаты дубалдын экинчи жагына тийип турчу. Алардын экинчи канаттары да ыйыктын ыйыгы бөлмөсүнүн ортосунда бири-бирине тийишип турчу.

28 Ал круптарды да алтын менен каптады.

29 Ийбадаткананын бардык дубалынын бетине круптардын, пальмалардын, ачылган гүлдөрдүн сүрөттөрүн ичинен да, тышынан да оюп түшүрдү.

30 Ийбадаткананын ички жана алдыңкы бөлмөлөрүнүн полун алтын менен каптады.

31 Ички бөлмөнүн кире беришиндеги эшикти жана беш бурчтуу кашегин зайтун жыгачынан жасады.

32 Зайтун жыгачынан жасалган, эки жакка ачылма эшиктердин бетине керуптардын, пальмалардын жана ачылган гүлдөрдүн сүрөтүн оюп түшүрүп, алтын менен каптады. Керуптарды да, пальмаларды да алтын менен каптады.

33 Ийбадаткананын эшигинин төрт бурчтуу кашегин да зайтун жыгачынан жасады.

34 Кипарис жыгачынан эки эшик жасады. Бир эшигинин эки каалгасын да, экинчи эшиктин эки каалгасын да жылып турма кылды.

35 Алардын бетине да керуптарды, пальмаларды жана ачылган гүлдөрдү оюп түшүрүп, алтын менен каптады.

36 Жылмаланган таштардан үч катар, кедр устундарынан бир катар коюп, ички короону курду.

37 Ал төртүнчү жылдын Зуп айында Теңирдин ийбадатканасынын пайдубалын койгон.

38 Ал эми он биринчи жылдын Бул айында – сегизинчи айда ийбадаткананы жана ага тиешелүү бардык нерселерди долбоор боюнча бүтүрдү. Аны жети жыл курду.

**7-БӨЛҮМ**

**Падыша сарайынын курулушу**

1 Ал эми өз үйүн Сулайман он үч жылда куруп бүтүрдү.

2 Ал Лебанондун жыгачынан үй тургузду, анын узундугу жүз чыканак, туурасы элүү чыканак, бийиктиги отуз чыканак эле. Кедрден төрт катар мамы орнотту. Мамылардын үстүнө кедр устундары коюлду.

3 Бир катарда он бештен турган кырк беш мамынын үстүнө кедр секи жабылды.

4 Бири-бирине тушташ үч катар терезе коюлду.

5 Бардык эшиктер жана алардын кашектери төрт бурчтуу болду, үч катар терезелер бири-бирине тушташ болду.

6 Узундугун элүү чыканак, туурасын отуз чыканак кылып, мамылардан кире бериш бөлмө курду. Анын алдына мамыларды тургузду, тепкичтүү аянтча жана босого курду.

7 Бийлик жүргүзүүчү тагы бар дагы бир кире бериш бөлмө курду. Сот жүргүзүү үчүн кире бериш бөлмө куруп, анын полуна кедр төшөдү.

8 Өзү жашаган үйдүн кире бериш бөлмөсүнүн артындагы короону да ушундай жасады. Сулайман аялдыкка алган фараондун кызынын үйүнө да ушундай кире бериш бөлмө курду.

9 Мунун баары, пайдубалынан баштап үй чатырынын астындагы чыгып турган кырбусуна чейин, сырт жагынан чоң короого чейин ичи-тышы арааланган, өлчөмү менен жылмаланган кымбат таштардан жасалды.

10 Үйдүн пайдубалына он чыканак жана сегиз чыканак болгон чоң, кымбат таштар коюлду.

11 Анын үстүнө да өлчөмү менен жылмаланган таштар, кедр жыгачы коюлду.

12 Чоң короо үч катар коюлган жылмаланган таштар менен, бир катар коюлган кедр устундары менен тегерете тосулган. Теңирдин ийбадатканасынын ички короосу да, кире бериш бөлмөсү да ушундай эле.

13 Сулайман падыша Тирге киши жиберип, Хурамды чакыртты.

14 Ал Напталы уруусундагы жесир аялдын уулу эле. Анын атасы тирлик зергер болгон. Ал жезден ар кандай нерселерди жасаган жөндөмдүү, чебер уста эле. Ал Сулайман падышага келип, анын ар кандай жумуштарын кылды.

15 Ал бийиктиги он сегиз чыканак болгон эки жез мамы жасады, эки мамыны тең он эки чыканак чынжыр менен курчады.

16 Мамынын башына коюуга жезден эки таажы куйду. Бир таажынын бийиктиги беш чыканак, экинчи таажыныкы да беш чыканак эле.

17 Мамылардын үстүндөгү таажылар үчүн согулган торлорду жана чынжыр түрүндөгү боолорду жасады. Ар бир таажыга жетиден чынжыр.

18 Мамылардын үстүндөгү таажыларды жаап туруш үчүн, ал торду айланта эки катар анар жемишин жасады. Экинчи таажыга да дал ошондой жасады.

19 Ал эми кире бериш бөлмөдөгү мамылардын үстүндөгү таажылардын бийиктиги төрт чыканак болуп, лилия гүлүнө окшош жасалды.

20 Эки мамынын үстүнө, тордун жанындагы чыгып турган капталынын үстүнө таажылар жасалды. Башка таажыга да тегерете катар-катар эки жүз анар жемишин жасады.

21 Мамыларды ийбадаткананын кире бериш бөлмөсүнүн алдына койду. Оң жагына койгон мамыга Жахин деген ат берди, сол жагына койгон мамыга Бууз деген ат берди.

22 Мамылардын үстүнө лилия гүлүнө окшош жасалган таажыларды койду. Мамылар ушундайча жасалып бүттү.

23 Бир четинен экинчи четине чейин он чыканак болгон, жезден куюлган тептегерек чоң чара жасады, анын бийиктиги беш чыканак, аны отуз чыканак чынжыр менен тегерете курчады.

24 Чаранын кырбусунун астына жез бадыраңдар тегерете эки катар болуп кошо куюлду, бир чыканакка он бадыраң туура келди. Бадыраңдар чара менен бирге куюлду.

25 Ал чара он эки өгүздүн үстүндө турган. Өгүздөрдүн үчөө түндүктү, үчөө батышты, үчөө түштүктү, үчөө чыгышты карап турган. Алардын үстүнө чара коюлган, өгүздөрдүн арты чаранын астына кирип турган.

26 Анын калыңдыгы алакандай эле, жээги болсо табактын жээгиндей, ачылган лилия гүлүнө окшош жасалган. Анын сыйымдуулугу эки миң бат эле.

27 Анан ал он дөңгөлөктүү койгуч жасады, аларды жезден жасады. Ар бир дөңгөлөктүү койгучтун узундугу төрт чыканак, туурасы төрт чыканак, бийиктиги үч чыканак эле.

28 Дөңгөлөктүү койгучтардын түзүлүшү мындай: алардын капталдары болгон, капталдары бурчтарындагы тирөөчтөрдүн ортосунда болгон.

29 Бурчтарындагы тирөөчтөрдүн ортосундагы капталдарына арстандардын, өгүздөрдүн, керуптардын сүрөттөрү түшүрүлгөн. Бурчтарындагы тирөөчтөрдө да ошондой, ал эми өгүздөр менен арстандардын өйдө жагына да, ылдый жагына да бажырайган гүлдөр оюлуп түшүрүлгөн.

30 Ар бир дөңгөлөктүү койгучтун жезден жасалган төрт дөңгөлөгү жана октору болгон. Анын төрт бурчуна, идиштин астына уркуюп чыгып турган тирөөч куюлуп жасалган, бардык тарабына гүлдөр оюлуп түшүрүлгөн.

31 Дөңгөлөктүү койгучтун ичинин тереңдиги бир чыканак. Анын ичи тегерек болгон, диаметри бир жарым чыканак, ага өрүлгөн оймолор түшүрүлгөн. Бирок анын капталдары тегерек эмес, төрт бурчтуу.

32 Капталдарынын астына төрт дөңгөлөк октору менен бекитилген, ар бир дөңгөлөктүн диаметри бир жарым чыканак.

33 Дөңгөлөктөрдүн түзүлүшү майдан арабанын дөңгөлөктөрүнүн түзүлүшүнө окшош. Дөңгөлөктөрдүн октору, алкактары, чабактары жана күпчөктөрү куюлуп жасалган.

34 Ар бир дөңгөлөктүү койгучтун төрт бурчу уркуюп чыгып турган. Анын бурчтары уркуюп чыгып турган.

35 Дөңгөлөктүү койгучтун үстү тегерек болуп жасалган, анын бийиктиги жарым чыканак. Дөңгөлөктүү койгучтун жогору жагына – капталдарына туткалары кошо куюлуп жасалган.

36 Анын туткаларынын бетине, капталдарына керуптардын, арстандардын, пальмалардын жана гүлдөрдүн сүрөтүн тегерете жыш түшүрдү.

37 Ал он дөңгөлөктүү койгучту мына ушундай жасады. Куюлуп жасалган алардын баарынын өлчөмү, сырткы көрүнүшү бирдей.

38 Анан жезден он жуунгуч жасады. Жуунгучтардын ар биринин сыйымдуулугу кырк бат. Ар бир жуунгучтун бийиктиги төрт чыканак. Ар бир дөңгөлөктүү койгучтун үстүнө жуунгуч коюлган.

39 Ийбадаткананын оң жагына беш, сол жагына беш дөңгөлөктүү койгуч койду. Ал эми чоң чараны ийбадаткананын оң жагына, түштүк-чыгыш тарабына койду.

40 Ошентип, Хурам жуунгучтарды, калактарды, чараларды жасады. Хурам Теңирдин ийбадатканасы үчүн Сулайман падыша тапшырган бардык жумушту бүтүрдү.

41 Эки мамыны жана алардын башын курчаган эки таажыны, мамылардын башын курчаган эки таажыны жаап турган эки торду,

42 эки тордун үстүнө төрт жүз анарды жасады, анарлар торлордо эки катар болуп жайгаштырылган. Ал анарлар мамылардын башын курчаган эки таажыны жаап туруу үчүн жасалган.

43 Анан ал он дөңгөлөктүү койгуч жасады, ал дөңгөлөктүү койгучтардын үстүнө он жуунгуч жасады.

44 Бир чоң чара жана анын астындагы он эки өгүздү,

45 казандарды, калактарды, чараларды жасады. Теңирдин ийбадатканасы үчүн Сулайман падышага Хурам жасап берген бардык нерселер жылмаланып жылтыратылган жезден эле.

46 Падыша аларды Иордандын жанында, Саретан менен Сукоттун ортосундагы чопо топурактуу жерде куйган.

47 Анан Сулайман ушул нерселердин бардыгын өз ордуна койду. Алардын өтө көптүгүнөн жездин салмагы аныкталган жок.

48 Сулайман Теңирдин ийбадатканасындагы бардык буюмдарды жасады. Алтындан курмандык чалынуучу жай, нан курмандыктары коюлуучу үстөл,

49 таза алтындан ийбадатkананын арткы бөлмөсүнүн алдына, сол жагына жана оң жагына беш-бештен чырактан, алтындан чырактарды, гүлдөрдү, кычкачтарды,

50 таза алтындан табактарды, бычактарды, чараларды, салгычтарды, жыпар жыттуу зат түтөтүлүүчү идиштерди, алтындан ийбадатkананын ички бөлмөсүнүн – ыйыктын ыйыгы бөлмөсүнүн эшиктеринин илгичтерин, ийбадатkананын эшиктеринин илгичтерин жасады.

51 Сулайман падыша Теңирдин ийбадатканасы үчүн бардык жумуштарды мына ушундай бүтүрдү. Сулайман атасы Дөөттүн Теңирге арнаган алтын-күмүштөрүн, буюмдарын алып келип, Теңирдин ийбадатканасынын казыналарына тапшырды.

**8-БӨЛҮМ**

**Келишим сандыгынын ийбадатканага киргизилиши**

1 Ошондо Сулайман падыша Ысрайылдын аксакалдарын, уруу башчыларын, үй-бүлө башчыларын Иерусалимге чакырды, анткени Дөөттүн шаарынан, атап айтканда, Сиондон Теңирдин келишим сандыгын алып келүү керек эле.

2 Жетинчи деп эсептелген Эйтаним айында бардык ысрайылдыктар майрамга, Сулайман падышанын алдына чогулушту.

3 Ысрайылдын бүт аксакалдары келишти. Ыйык кызмат кылуучулар келишим сандыгын көтөрүштү.

4 Алар Теңирдин келишим сандыгын, жыйын чатырын, анын ичиндеги бардык ыйык буюмдарды көтөрүп жөнөштү. Аларды ыйык кызмат кылуучулар менен лебилер көтөрүп жүрүштү.

5 Ал эми Сулайман падыша жана анын алдына чогулган бүт Ысрайыл жамааты келишим сандыгынын алдында бара жатышты. Бодо, майда малдан курмандыкка чалып бара жатышты, көптүгүнөн аларды саноого мүмкүн эмес эле.

6 Ыйык кызмат кылуучулар Теңирдин келишим сандыгын ийбадатkананын ички бөлмөсүнө, ыйыктын ыйыгы бөлмөсүнө алып кирип, керуптардын канаттарынын астындагы орунга коюшту.

7 Анткени сандык коюлуучу жерде керуптар канаттарын жайып турушкан. Сандыкты жана анын шыргыйларын керуптар жаап турган.

8 Шыргыйлардын учтары ички бөлмөнүн алдындагы ыйыктын ыйыгы бөлмөсүнөн көрүнүп турчу, бирок сыртына чыгып турчу эмес. Алар ушул күнгө чейин ошол жерде.

9 Сандыкта эки таш лооктон башка эч нерсе жок эле. Ысрайыл уулдары Мисирден чыккандан кийин, Теңир алар менен келишим түзгөндө, Муса ал таш лоокторду Хорепте сандыкка салган болчу.

10 Ыйык кызмат кылуучулар ыйык жайдан чыкканда, булут каптап, Теңирдин үйүн толтурду.

11 Булут каптап тургандыктан, ыйык кызмат кылуучулар кызмат кыла алышкан жок, анткени Теңирдин даңкы Теңирдин ийбадатканасын толтуруп турган эле.

12 Ошондо Сулайман: «Теңир Өзүнүн караңгылыкта жашоону кааларын айткан.

13 Сен түбөлүк жашашың үчүн, Сага ийбадаткана тургуздум», – деди.

**Сулаймандын элге кайрылышы**

14 Анан падыша бурулуп, чогулган ысрайылдыктарга батасын берди. Ысрайылдыктардын бүткүл жамааты туруп турду.

15 Падыша аларга мындай деди: «Атам Дөөткө Өз оозу менен айткан, ушул күндө Өз колу менен аткарган Ысрайылдын Кудай-Теңирине даңк! Ал мындай деп айткан:

16 "Өз элим Ысрайылды Мисирден алып чыккан күндөн бери Ысрайыл урууларынын бир да шаарын Өзүмдүн ысымым болуп тура турган үй курууга тандап алган жокмун. Бирок Ысрайыл элимди башкарсын деп, Дөөттү тандап алдым".

17 Атам Дөөттүн жүрөгүндө Ысрайылдын Кудай-Теңиринин ысымына арнап ийбадаткана тургузам деген каалоо бар эле.

18 Бирок Теңир атам Дөөткө: "Сенин жүрөгүңдө Менин ысымыма арнап ийбадаткана курам деген каалоо бар. Жүрөгүңдө ушул каалоонун болгону жакшы.

19 Бирок ийбадаткананы сен курбайсың. Менин ысымыма арнап ийбадаткананы өз дениңден чыккан уулуң курат", – деген.

20 Теңир Өзү айткан сөздү аткарды. Теңир Өзү айткандай, мен атам Дөөттүн ордун басып, Ысрайылдын тагына отуруп, Ысрайылдын Кудай-Теңиринин ысымына арнап ийбадаткана тургуздум.

21 Ата-бабаларыбызды Мисир жеринен алып чыкканда, Теңирдин алар менен түзгөн келишими салынган сандык үчүн ошол жерге орун даярдадым».

**Сулаймандын сыйынуусу**

22 Сулайман Теңирдин курмандык чалынуучу жайынын жанында, бүткүл Ысрайыл элинин алдында туруп, колдорун асманга көтөрүп, мындай деди:

23 «Ысрайылдын Кудай-Теңири! Жогоруда асманда жана төмөндө жерде Сендей Кудай жок. Сага чын жүрөгү менен берилген кулдарыңа Сен Өзүңдүн келишимиңди сактап, ырайымыңды көрсөтөсүң.

24 Сен Өз кулуң Дөөткө, атама, айткан Өз сөзүңдү аткардың. Өз оозуң менен айтканды Өз колуң менен ушул күнү аткардың.

25 Ысрайылдын Кудай-Теңири, "Сен Менин алдымда жүргөндөй, сенин уулдарың да Менин алдымда жүрүшсө, өз жолдоруна көңүл бурушса, Менин алдымда сенин тукумуң Ысрайылдын тагынан түшпөйт", – деп, Өз кулуң Дөөткө, атама, айткан Өз сөзүңдү эми аткар.

26 Ысрайылдын Кудайы, кулуң Дөөткө, менин атама, айткан сөзүң ушул күнү орундалса экен!

27 Бирок Кудай жерде жашамак беле? Сени мен курган бул ийбадаткана түгүл, асман да, асмандын асманы да батыра албайт.

28 Бирок Өз кулуңдун сыйынуусуна, өтүнүчүнө кулак сала көр, Кудай-Теңирим! Кулуңдун Сага жалбарган үнүн жана сыйынуусун ук.

29 "Менин ысымым ошол жерде болот", – деп Өзүң айткан ушул жерден, ушул ийбадатканадан күнү-түнү көзүңдү алба. Ушул жерде сыйынган Өз кулуңдун сыйынуусун ук.

30 Ушул жерде Өз кулуң жана Өз элиң Ысрайыл сыйынганда, алардын жалынуусун ук. Өзүң жашаган жайдан – асмандан угуп, ырайым кыл.

31 Жакынына каршы күнөө кылган адамдын каргануусун талап кылышканда, ал карганыш үчүн Сенин курмандык чалынуучу жайыңдын алдына, ушул ийбадатканага келгенде,

32 Сен асмандан ук, Өз кулдарыңдын үстүнөн сот жүргүз, күнөөлүүнү айыпта, анын кылган ишин өз мойнуна жүктө, айыпсызды акта, ага актыгына жараша тиешесин бер.

33 Өз элиң Ысрайыл Сенин алдыңда күнөө кылгандыгы үчүн душманга жеңилип калганда, Өзүңө кайрылып, Сенин ысымыңды даңктаганда, ушул ийбадатканада Өзүңдөн жалынып сураганда,

34 аны асмандан угуп, Өз элиң Ысрайылдын күнөөсүн кечир, алардын ата-бабаларына берген жерге кайра алып кел.

35 Сенин алдыңда күнөө кылышкандыгы үчүн асман жабылып, жамгыр жаабай калганда, алар ушул жерде сыйынып, Сенин ысымыңды даңктап, күнөөсүнөн баш тартышканда,

36 Сен асмандан ук, Өзүңдүн кулдарыңдын, Өзүңдүн Ысрайыл элиңдин күнөөлөрүн кечир, аларга жүрө турган туура жолду көрсөт, Өз элиңе мураска берген Өз жериңе жамгыр жаадыр.

37 Жерде ачарчылык, же жугуштуу оору, же куйкалоочу шамал болгондо, же эгинди коңур дат басканда, же жерди чегиртке, курт каптаганда, же душман аларды өздөрүнүн жеринде кысымга алганда, же оору, же алаамат каптаганда,

38 Өз элиң Ысрайылдын ичинен кайсы бир адам сыйынып жалынганда, алар алааматты жүрөгү менен сезип, ушул ийбадатканага колун сунушканда,

39 Сен асмандан – Өзүң жашаган жайдан угуп, ырайым кыл. Алардын жүрөгүн карап көрүп, ар кимге өз жолуна жараша тиешесин бер, анткени адам баласынын жүрөгүн бир гана Сен билесиң.

40 Сен Өзүң ата-бабаларыбызга берген жерде жашап жатканда, алар бардык убакта Сенден коркушу үчүн ушундай кыл.

41-43 Сенин улуу ысымың, сунулган колуң жана күчтүү билегиң жөнүндө уккан Сенин элиң Ысрайылдын ичинен эмес, бөтөн элден, алыскы жерден Сенин ысымың үчүн кимдир бирөө келип, ушул ийбадаткананын жанында сыйынса, Сен асмандан – Өзүң жашаган жайдан ук, Сени чакырган ошол бөтөн элдик адамдын сураганын бер. Сенин ысымыңды жер бетиндеги бардык элдер билиши үчүн, Өз элиң Ысрайыл сыяктуу Сенден коркушу үчүн, мен курган ушул ийбадаткана Сенин ысымың менен аталарын билиши үчүн ушундай кыл.

44 Сенин элиң Сен жиберген жол менен өз душманына каршы согушка чыкканда, Сен тандап алган шаарды, Сенин ысымыңа арнап мен курган ийбадаткананы карап, Сага сыйынганда,

45 Сен асмандан алардын сыйынуусун, өтүнүчүн ук, аларга керектүүсүн бер.

46 Алар Сенин алдыңда күнөө кылышканда (анткени күнөө кылбаган адам жок), Сен каарданып, аларды душман колуна салып бергенде, душмандар аларды туткундап, алыскы же жакынкы душман жерине алып кетишкенде,

47 алар туткунда жүргөн жерде күнөөлөрү үчүн өкүнүп, аларды туткундап кеткендердин жеринде Сага: “Биз күнөө кетирдик, мыйзамсыз иштерди кылдык, биз айыптуубуз”, – деп сыйынышканда,

48 аларды туткундап кеткен душмандардын жеринде алар Сага чын жүрөгү менен, жан-дили менен кайрылышканда, Сен алардын ата-бабаларына берген жерди, Сен тандап алган шаарды, Сенин ысымыңа арнап мен курган ийбадатkананы карап сыйынышканда,

49 Сен асмандан – Өзүң жашаган жайдан алардын сыйынуусун, өтүнүчүн ук, аларга керектүүсүн бер.

50 Өз элиңдин Сенин алдыңда кылган күнөөсүн, Сенин алдыңда кылган мыйзамсыздыгын кечир. Аларга ырайымдуу мамиле кылышы үчүн, аларды туткунга алгандардын жүрөгүндө аёо сезимин ойгот.

51 Анткени алар Сен Мисирден, темир мештен алып чыккан Өз элиң жана Өз энчиң.

52 Өз кулуң жана Өз элиң Ысрайыл Сени чакырганда, алардын сыйынуусун дайыма ук, көздөрүң ачык болуп турсун.

53 Анткени, Эгедер Теңир, Сен ата-бабаларыбызды Мисирден алып чыккандан кийин, Өзүңдүн кулуң Муса аркылуу айткандай, аларды бардык элдердин арасынан бөлүп алып, Өзүңө энчилеп алгансың!»

**Сулаймандын элге бата бериши**

54 Сулайман Теңирге ушинтип сыйынып, өтүнүчүнүн баарын айтып бүткөндөн кийин, Теңирдин курмандык чалынуучу жайынын жанында тизелеп турган жеринен турду, анын колдору болсо жогору көтөрүлүп турган.

55 Туруп, Ысрайылдын бүткүл жамаатына катуу үн менен мындай деп батасын берди:

56 «Өзү айтканындай, Өз эли Ысрайылга тынчтык берген Теңир даңкталсын! Анын Өз кулу Муса аркылуу айткан жакшы сөздөрүнүн бири да аткарылбай калган жок.

57 Кудай-Теңир биздин ата-бабаларыбыз менен болгондой эле, биз менен да болсун, бизди таштабасын, бизди калтырбасын.

58 Биз Анын жолдору менен жүрүшүбүз үчүн, Анын ата-бабаларыбызга берген осуяттарын, буйруктарын, мыйзамдарын аткарышыбыз үчүн, жүрөгүбүздү Өзүнө бурсун.

59 Теңирдин алдында сыйынганда айткан бул сөздөрүм күнү-түнү Кудай-Теңирибиздин жүрөгүндө болсун, Өз кулуна жана Өзүнүн эли Ысрайылга эмне керек болсо, ошону күн сайын берсин.

60 Теңир Кудай экенин, Андан башка Кудай жок экенин бардык элдер билишсин.

61 Буйруктарын аткарып жашашыңар үчүн жана осуяттарын сакташыңар үчүн, жүрөгүңөр азыркыдай эле Кудай-Теңирибизге толук берилсин».

**Ийбадатkананын ыйыкталышы**

62 Анан падыша жана бардык ысрайылдыктар Теңирге арнап курмандык чалышты.

63 Сулаймандын Теңирге арнап чалган тынчтык курмандыктары булар: жыйырма эки миң бодо, жүз жыйырма миң майда мал. Падыша жана бардык Ысрайыл уулдары Теңирдин ийбадатканасын ушинтип ыйыкташты.

64 Ошол эле күнү падыша Теңирдин ийбадатканасынын алдындагы короонун ортоңку бөлүгүн ыйыктап, бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты, нан курмандыгын, тынчтык курмандыктарынын майларын өрттөдү. Теңир алдындагы жезден жасалган курмандык чалынуучу жай бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты, нан курмандыгын, тынчтык курмандыктарын өрттөөгө кичинелик кылды.

65 Сулайман бүт Ысрайыл эли менен жети күн, дагы жети күн, бардыгы он төрт күн майрам өткөрдү. Биздин Кудай-Теңирибиздин алдына Хаматтын кире беришинен Мисир дарыясына чейин жашаган жамаат чогулду.

66 Сулайман сегизинчи күнү элди таратты. Алар падышага бата берип, Теңирдин Өз кулу Дөөткө жана Өз эли Ысрайылга көрсөткөн ырайымына чын жүрөктөрүнөн кубанып, шаттанып, чатырларына кайтышты.

**9-БӨЛҮМ**

**Теңирдин Сулайманга келиши**

1 Сулайман Теңирдин ийбадатканасын, падыша сарайын куруп бүттү, эмнени кааласа, ошонун баарын жасап бүттү.

2 Ошондо Теңир мурда Гибондо келгендей, ага экинчи жолу келди.

3 Теңир ага мындай деди: «Мен сенин сыйынууңду жана өтүнүчүңдү уктум. Сен курган бул ийбадатканада Менин ысымым түбөлүк жашашы үчүн, Мен аны ыйыктадым. Менин көзүм да, жүрөгүм да ал жерде дайыма болот.

4 Эгер сен Мен сага осуят кылгандардын бардыгын аткарып, Менин алдымда атаң Дөөт сыяктуу таза жүрөк менен адил жашасаң, Менин буйруктарым менен мыйзамдарымды сактасаң,

5 анда “Сенин тукумуң Ысрайыл элинин тагынан түшпөйт” деп, атаң Дөөткө айтканымдай, сенин падышачылык тагыңды Ысрайылга түбөлүк коём.

6 Эгерде силер да, уулдарыңар да Менден четтеп кетсеңер, Менин силерге берген осуяттарым менен буйруктарымды аткарбасаңар, башка кудайларга кызмат кылып, табына баштасаңар,

7 анда Мен Өзүм берген жерден Ысрайылды жок кылам, Өзүмдүн ысымым үчүн ыйыктаган ийбадатkананы таштап кетем, ошондо Ысрайыл бүт элдер арасында лакап жана күлкү болот.

8 Ушул бийик ийбадаткананын жанынан өткөн ар бир адам үрөйү учуп, ышкырып: “Теңир бул жерди жана бул ийбадаткананы эмне үчүн ушундай кылды?” – деп айтат.

9 Ошондо: “Булар ата-бабаларын Мисир жеринен алып чыккан өздөрүнүн Кудай-Теңирин таштап, башка кудайларды кабыл алып, аларга табынып, кызмат кылышкандыгы үчүн ушул алааматтын баарын Теңир алардын башына салды”, – деп айтышат».

**Сулайман менен Хирамдын ортосундагы келишим**

10 Сулайман эки үйдү – Теңир үйү менен падыша сарайын жыйырма жылда куруп бүттү.

11 Тир падышасы Хирам Сулайманга каалашынча кедр жана кипарис жыгачын, алтын жеткирип тургандыгы үчүн, Сулайман падыша Хирамга Галилея жеринен жыйырма шаар берди.

12 Хирам Сулайман берген шаарларды көрүү үчүн, Тирден чыкты. Бирок алар ага жаккан жок.

13 Ал: «Бир тууганым, сен мага эмне деген шаарларды бергенсиң?» – деди. Анан Хирам аларды Кабул жери деп атады, ушул күнгө чейин ал ушундай аталат.

14 Падышага Хирам жүз жыйырма талант алтын жөнөттү.

**Сулаймандын убагында Ысрайылдын гүлдөшү**

15 Сулайман падыша Теңирдин ийбадатканасын, өз үйүн курууга, Мило сепилин, Иерусалим дубалын, Хатсорду, Мегидону жана Гезерди калыбына келтирүүгө жумшоо үчүн ушундай салык салган эле.

16 Мисир падышасы фараон келип, Гезерди басып алды да, аны өрттөп, шаарда жашаган канаандыктарды кырып, аны Сулаймандын аялы болгон өз кызынын себине берди.

17 Сулайман Гезерди жана төмөнкү Бейт-Корондү,

18 Баалатты жана чөлдөгү Тадморду,

19 эгин сактай турган бардык шаарларды, майдан арабалар үчүн, атчан аскерлер үчүн шаарларды, Иерусалимде, Лебанондо жана өзүнө караштуу бардык жерлерде эмнени кургусу келсе, ошолордун бардыгын курду.

20 Аморлуктардын, хеттиктердин, периздиктердин, хибиликтердин жана жебустуктардын аман калгандарын,

21 Ысрайыл уулдары жок кыла албай калган алардын балдарын Сулайман кул сыяктуу жумушка салды, ушул күнгө чейин ошондой.

22 Сулайман Ысрайыл уулдарын жумушка салган жок, аларды жоокер, кызматчы, төрө, аскер башчы, майдан арабаларга жана атчан жоокерлерге башчы кылды.

23 Сулаймандын жумушчуларынын үстүнөн караган көзөмөлдөөчүлөрдүн саны беш жүз элүү болчу.

24 Фараондун кызы Дөөттүн шаарынан Сулайман куруп берген үйгө көчүп келди. Анан Сулайман Мило сепилин курду.

25 Сулайман Теңирге арнап өзү курган курмандык чалынуучу жайга жылына үч жолу бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктарды, тынчтык курмандыктарын чалып, Теңирдин алдында жыпар жыттуу заттарды түтөтүп турду. Ошентип, ал үйдү куруп бүтүрдү.

26 Сулайман падыша ошондой эле Эдом жериндеги, Кызыл деңиздин жээгиндеги, Эйлаттын жанындагы Этсатон-Геберде кеме курду.

27 Хирам деңизди жакшы билген кол астындагы кемечилерин Сулаймандын кол астындагы кишилери менен бирге кеме менен жөнөттү.

28 Алар Опирге сүзүп барып, ал жактан Сулайман падышага төрт жүз жыйырма талант алтын алып келишти.

**10-БӨЛҮМ**

**Шебалык падыша аял**

1 Теңирдин ысымын даңктаган Сулаймандын даңкы жөнүндө уккан шебалык падыша аял аны табышмак айтып сынаганы келди.

2 Ал Иерусалимге өтө көп байлык менен келди. Төөлөрүнө жыпар жыттуу заттарды, көп сандаган алтындарды, асыл таштарды жүктөп алган эле. Ал Сулайманга келип, жүрөгүндөгү бардык нерсе жөнүндө аны менен сүйлөштү.

3 Сулайман анын бардык суроолоруна жооп берди. Падыша билбеген, жооп бере албаган бир да суроо болгон жок.

4 Шебалык падыша аял Сулаймандын акылмандуулугун жана анын курган үйүн,

5 анын дасторконундагы тамак-ашын, кулдарынын турак-жайын, анын кызматчыларынын кызматын, алардын кийимдерин, анын шарап сунуучуларын, Теңирдин ийбадатканасында бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктарды чалганын көрдү. Таң калганын жашыра албай, падышага мындай деди:

6 «Өз жеримде сенин иштериң менен акылмандуулугуң жөнүндө уккандарым чындык экен.

7 Бирок келип, өз көзүм менен көрмөйүнчө, айтылган сөздөргө ишенген эмес элем. Мага жарымы да айтылбаптыр. Сен мен уккандан да акылдуу экенсиң, байлыгың мен уккандан да көп экен.

8 Дайыма сенин алдыңда туруп, акылмандуулугуңду уккан элиң да, кызматчыларың да бактылуу!

9 Сени Ысрайылдын тагына отургузуп, сага ырайым кылган Кудай-Теңириңе даңк! Теңир Ысрайылды түбөлүктүү сүйүү менен сүйгөндүктөн, адилет жана туура сот жүргүзсүн деп, сени падыша коюптур».

10 Ал падышага жүз жыйырма талант алтын, өтө көп жыпар жыттуу зат жана асыл таш белек кылды. Сулайман падышага шебалык падыша аял тартуу кылганчалык көп жыпар жыттуу зат эч качан келген эмес.

11 Опирден алтын ташыган Хирамдын кемеси менен Опирден өтө көп кызыл жыгач жана асыл таштарды алып келишти.

12 Ошол кызыл жыгачтардан падыша Теңирдин ийбадатканасынын, падыша сарайынын тепкичтери үчүн тосмолорду, ырчылар үчүн гуслилер менен арфаларды жасатты. Мынчалык көп кызыл жыгач буга чейин эч качан келген эмес, мындайды ушул күнгө чейин эч ким көргөн эмес.

13 Сулайман падыша шебалык падыша аялга өз колу менен берген белектеринен тышкары анын каалаганынын жана сураганынын баарын берди. Анан ал кулдары менен өз жерине кайтты.

**Сулайман падышанын байлыгы**

14 Сулайманга жыл сайын келүүчү алтындын салмагы алты жүз алтымыш алты алтын талант.

15 Андан тышкары, соодагерлер, көпөстөр, Аравиянын бардык падышалары, дубан башчылары ага алтын алып келип турушчу.

16 Сулайман падыша алтынды балка менен согуп, эки жүз чоң калкан жасады. Ар бир калканга алты жүз шекелден алтын кетти.

17 Алтынды балка менен согуп, үч жүз кичине калкан жасады, ар бир калканга үчтөн мина алтын кетти. Падыша аларды Лебанон жыгачынан курулган үйгө койду.

18 Падыша пилдин сөөгүнөн чоң такты жасап, аны таза алтын менен каптады.

19 Ал тактынын алты баскычы бар эле. Тактынын артынын жогору жагы тегерек болчу, орундугунун эки жагында чыканак койгучу бар болчу. Тактынын эки капталында эки арстан турчу.

20 Алты баскычтын эки жагында он эки арстан турчу. Мындай бир да падышачылыкта болгон эмес.

21 Сулайман падышанын суусундук ичүүчү идиштеринин бардыгы алтындан, Лебанон жыгачынан курулган үйдөгү идиштердин бардыгы таза алтындан эле. Күмүштөн жасалган эч нерсе жок болчу, анткени Сулаймандын убагында күмүш бааланчу эмес.

22 Себеби Хирамдын кемеси менен бирге падышанын деңизде Таршыш кемеси болгон. Таршыш кемеси менен үч жылда бир жолу алтын-күмүштөр, пил сөөгү, маймылдар жана тоос куштары алып келинип турчу.

23 Сулайман падыша байлыгы жана акылмандуулугу жагынан бүт жер жүзүндөгү падышалардан жогору эле.

24 Кудай тарабынан берилген Сулаймандын акылмандуулугун угуш үчүн, жер жүзүндөгү бардык падышалар Сулайманды көргүлөрү келген.

25 Алар ага белек катарында алтын жана күмүш идиштерди, кийимдерди, куралдарды, жыпар жыттуу заттарды, аттарды жана качырларды жыл сайын тартуулап турушчу.

26 Ошондой эле Сулайман майдан арабаларын жана атчан жоокерлерин көбөйттү. Анын атчан жоокерлери он эки миң, майдан арабалары бир миң төрт жүз болду. Падыша аларды майдан арабалар үчүн курулган шаарларга жана өзү жашаган шаарга, Иерусалимге жайгаштырды.

27 Падыша Иерусалимде күмүштү жөнөкөй таштарга теңеди, кедр жыгачы өтө көп болгондуктан, аларды ойдуңда өсүүчү тытка теңеди.

28 Сулайман падышага аттарды Кебейден жана Мисирден алып келишчү. Аларды Кебейден падышанын соодагерлери акчага сатып алышчу.

29 Мисирден алып келинген бир майдан араба алты жүз шекел күмүш, ал эми бир ат жүз элүү шекел күмүш турчу. Алар мунун баарын ушундай жол менен хеттик жана арамейлик падышаларга өз колдору менен жеткирип беришчү.

**11-БӨЛҮМ**

**Сулаймандын Кудайды унутушу**

1 Сулайман падыша фараондун кызынан башка, жат жердик көп аялдарды: мааптык, амондук, эдомдук, сидондук, хеттик аялдарды сүйдү.

2 Теңир Ысрайыл уулдарына ал элдер жөнүндө: «Алар силердин жүрөгүңөрдү өз кудайларына буруп кетпеши үчүн, аларга кошулбагыла, алар да силерге кошулбасын», – деп айткан эле. Сулайман аларды сүйүп, аларга жүрөгүн берди.

3 Анын жети жүз аялы, үч жүз күң аялы бар эле. Ал аялдар анын жүрөгүн ээлеп, жолдон чыгарышты.

4 Сулайман карып калган мезгилде, аялдары анын жүрөгүн башка кудайларга бурушту, анын жүрөгү атасы Дөөттүн жүрөгү сыяктуу Кудай-Теңирге толук берилген жок.

5 Сулайман сидондуктардын кудайы Ашейрага жана амондуктардын жийиркеничине – Милкомго кызмат кыла баштады.

6 Сулайман Теңирге жакпаган иштерди кылды, атасы Дөөт сыяктуу Теңирди толук ээрчиген жок.

7 Сулайман Иерусалимдин чыгышындагы тоого мааптыктардын жийиркеничине – Кемошко, амондуктардын жийиркеничине – Молохко арнап буткана курду.

8 Өз кудайларына арнап жыпар жыттуу зат түтөткөн жана курмандык чалган бардык жат жердик аялдары үчүн ал ушундай кылды.

9 Эки жолу келген Ысрайылдын Кудай-Теңиринен жүрөгүн алыстаткандыгы үчүн, Теңир Сулайманга каарданды.

10 Теңир ага башка кудайларды ээрчибөөнү буйрук кылды, бирок ал Теңирдин буйругун аткарган жок.

11 Ошондо Теңир Сулайманга мындай деди: «Ушундай кылганың үчүн, Менин келишимимди, сага буйруган мыйзамдарымды сактабаганың үчүн, сенден падышачылыкты тартып алып, өзүңдүн кулуңа берем.

12 Бирок атаң Дөөт үчүн Мен муну сенин убагыңда кылбайм. Аны сенин уулуңдун колунан тартып алам.

13 Бирок падышачылыкты толугу менен тартып албайм. Өз кулум Дөөт үчүн, Өзүм тандап алган Иерусалим үчүн уулуңа бир урууну берем».

**Сулаймандын душмандары**

14 Ошентип, Теңир Эдом падышасынын тукумунан эдомдук Адатты Сулайманга душман кылды.

15 Дөөт Эдомдо жүргөндө, аскер башчы Жойап өлтүрүлгөндөрдү көргө койгону келип, Эдомдогу эркек аттуунун баарын кырып салганда,

16 Жойап менен ысрайылдыктар Эдомдогу эркек аттуулардын баарын кырып бүткөнчө, ал жерде алты ай жашап турушкан.

17 Ушул Адат жана анын атасына кызмат кылган бир нече эдомдук Мисирге качып кетишкен. Ошондо Адат кичинекей бала болчу.

18 Алар Мидиан жеринен чыгып, Паранга келишкен. Анан алар Парандан кишилерди алып, Мисирге, Мисир падышасына, фараонго келишкен. Фараон ага үй берген, кызмат акы белгилеген, жер берген.

19 Адат фараондон чоң ырайым тапкан, андыктан ал ага өзүнүн аялы ханыша Тахпенестин сиңдисин аялдыкка берген.

20 Тахпенестин сиңдиси ага Генубат аттуу уул төрөп берген. Аны Тахпенес фараондун үйүндө тарбиялаган. Генубат фараондун балдары менен бирге фараондун үйүндө жашаган.

21 Адат Дөөттүн ата-бабаларына кошулганын жана аскер башчы Жойаптын өлгөнүн укканда, фараонго: «Мени коё бер, өз жериме кетейин», – деген.

22 Фараон ага: «Өз жериңе кеткиң келгидей, менин жеримде бир нерсеге муктаж болуп жатасыңбы?» – деген. Ал: «Эч нерсеге муктаж болгон жокмун, бирок мени коё бер», – деп жооп берген.

23 Өз мырзасы Соба падышасы Ададезерден качып кеткен Элийада уулу Резонду да Кудай Сулайманга душман кылды.

24 Адедазар Дөөттөн жеңилип калганда, Резон тегерегине кишилерди топтоп, каракчылар тобунун жетекчиси болуп алган. Алар Дамаскка барып отурукташып, Дамаскта бийлик кылышкан.

25 Ал Сирияга падыша болуп алып, Сулаймандын өмүрү өткөнчө, Ысрайылга душман болду. Адат кылган жамандыктан тышкары ал Ысрайылга дайыма зыян келтирчү.

**Кудайдын Жаробамга берген убадасы**

26 Эпрайым уруусунан серейдалык Небат уулу Жаробам, Сулаймандын кулу, падышага кол көтөрдү. Анын жесир калган энесинин аты – Серуя.

27 Анын падышага кол көтөргөнүнүн себеби мындай: Сулайман Мило сепилин куруп, атасы Дөөттүн шаарын оңдоп жатты.

28 Жаробам эр жүрөк жигит эле. Сулайман бул жаш жигиттин ишке жөндөмдүү экендигин байкап, аны Жусуптун тукумундагы жумушчуларга көзөмөлдөөчү кылып дайындады.

29 Ошол убакта Жаробам Иерусалимден чыкты. Ага жолдон шилолук Акия пайгамбар жолукту. Анын кийими жаңы эле. Талаада алар экөө гана болчу.

30 Акия кийимин чечип, аны он эки бөлүк кылып айрып салды.

31 Анан Жаробамга мындай деди: «Он бөлүгүн өзүңө ал, анткени Ысрайылдын Кудай-Теңири мындай дейт: “Мына, Мен Сулаймандын колунан падышачылыкты тартып алып, он урууну сага берип жатам.

32 Ал эми ага Менин кулум Дөөт үчүн жана бүт Ысрайыл урууларынын ичинен Мен тандап алган Иерусалим шаары үчүн бир уруу калат.

33 Анткени алар Мени таштап, Сидон кудайы Ашейрага, Маап кудайы Кемошко, Амон кудайы Милкомго табына башташты. Менин мыйзамдарым менен буйруктарымды сактаган атасы Дөөттөй болбой, Менин алдымда Мага жакпаган иштерди кылышты, Менин жолум менен жүрүшкөн жок.

34 Мен анын колунан бүт падышачылыкты тартып албайм, Менин мыйзамдарым менен буйруктарымды сактаган, Өзүм тандап алган кулум Дөөт үчүн Мен аны өмүрү өткөнчө өкүмдар кылып калтырам.

35 Бирок падышачылыкты анын уулунун колунан тартып алып, сага он урууну берем.

36 Өзүмдүн ысымым болуп турушу үчүн тандап алган Иерусалим шаарында, Менин алдымда кулум Дөөттүн чырагы түбөлүккө жаркырап турушу үчүн, анын уулуна бир урууну берем.

37 Мен сени тандап алдым, сен жүрөгүң каалаган нерсенин бардыгынын үстүнөн бийлик кыласың, Ысрайылга падыша болосуң.

38 Эгер сен Менин кулум Дөөттөй болуп, Мен берген осуяттардын бардыгын сактасаң, Менин жолдорум менен жүрсөң, Менин көз алдымда Мага жаккан иштерди кылсаң, Мен берген мыйзамдар менен буйруктардын бардыгын аткарсаң, Мен сени менен болуп, Дөөттүн үйүн тургузгандай, сенин үйүңдү бекем тургузам, Ысрайылды сага берем.

39 Мен Сулайман үчүн Дөөт тукумун басынтам, бирок түбөлүккө эмес"».

40 Сулайман Жаробамды өлтүргүсү келди, бирок Жаробам турду да, Мисирге, Мисир падышасы Шишакка качып кетти. Ал Мисирде Сулайман өлгөнгө чейин жашады.

**Сулаймандын көз жумушу**

41 Сулаймандын калган сөздөрү, кылган бардык иштери, акылмандуулугу Сулаймандын иштери жазылган китепте баяндалган.

42 Сулайман Иерусалимде, бүт Ысрайылга кырк жыл падышачылык кылды.

43 Сулайман ата-бабаларына кошулду, сөөгү атасы Дөөттүн шаарына коюлду. Анын ордуна уулу Рехабам тактыга отурду.

**12-БӨЛҮМ**

**Ысрайылдын эки падышачылыкка бөлүнүшү**

1 Рехабам Шекемге кетти, анткени аны такка отургузуу үчүн, бүт Ысрайыл эли Шекемге келди.

2 Сулайман падышадан качып, дагы эле Мисирде жүргөн Небат уулу Жаробам бул жөнүндө угуп, Мисирден кайтып келди.

3 Киши жиберип, аны чакыртышты. Ошондо Жаробам жана ысрайылдыктардын бүт жамааты Рехабамга келип, мындай деп айтышты:

4 «Сенин атаң биздин мойнубузга оор моюнтурук салган, эми сен атаң жүктөгөн оор жумушту, мойнубузга салган оор моюнтурукту жеңилдет, ошондо биз сага кызмат кылабыз».

5 Рехабам аларга: «Баргыла да, үч күндөн кийин мага кайра келгиле», – деди. Эл тарап кетти.

6 Рехабам падыша атасы Сулайман тирүү кезинде анын алдында жүргөн карыялар менен кеңешип: «Бул элге эмне деп жооп берейин? Кандай кеңеш бересиңер?» – деди.

7 Алар ага: «Эгер сен ушул күнү бул элге кул болуп, аларга кызмат кылсаң, аларды ыраазы кылсаң, аларга жакшы сөздөрдү айтсаң, анда алар түбөлүккө сага кул болушат», – деп айтышты.

8 Бирок ал карылардын айткан кеңешин четке какты. Ал өзү менен бирге өскөн, алдында кызмат кылган жаштар менен кеңешти.

9 Аларга мындай деди: «"Атаң мойнубузга салган моюнтурукту жеңилдет", – деген бул элге эмне деп жооп берейин? Кандай кеңеш бересиңер?»

10 Аны менен бирге өскөн жаштар ага мындай дешти: «“Атаң мойнубузга оор моюнтурук салган, сен аны жеңилдет”, – деп айткан элге: “Менин чыпалагым атамдын белинен жоонураак.

11 Атам силердин мойнуңарга оор моюнтурук салып эзген болсо, мен аны андан бетер оорлотом. Атам силерди камчы менен жазалаган, а мен силерди тикенек менен жазалайм”, – деп айт».

12 Падышанын «Үч күндөн кийин мага келгиле» деген буйругу боюнча үчүнчү күнү Жаробам жана бүт эл Рехабамга келишти.

13 Падыша элге катаал жооп берди, карыялардын берген кеңешин четке какты.

14 Ал жаш адамдардын кеңеши менен: «Менин атам силердин мойнуңарга оор моюнтурук салган, а мен аны андан бетер оорлотом. Атам силерди камчы менен жазалаган, а мен силерди тикенек менен жазалайм», – деди.

15 Падыша элге кулак салган жок, анткени Теңирдин шилолук Акия аркылуу Небат уулу Жаробамга айткан сөзү ордунан чыгышы үчүн Теңир тарабынан ушундай белгиленген эле.

16 Бүт ысрайылдыктар падышанын укпай койгонун көрүштү. Ошондо эл падышага: «Дөөттө биздин кайсы бөлүгүбүз бар эле? Жышайдын уулунда үлүшүбүз жок. Ысрайыл, өз-өз чатырыңа жөнө! Дөөт, эми сен өз тукумуңду бил!» – деп айтты. Ошентип, Ысрайыл өз чатырларына тарады.

17 Рехабам Жүйүттүн шаарларында жашаган Ысрайыл уулдарына гана падышачылык кылды.

18 Рехабам падыша салык жыйноочулардын башчысы Адонурамды жиберди, бирок ысрайылдыктар аны таш бараңга алып өлтүрүп салышты. Рехабам падыша Иерусалимге качып кетиш үчүн, шашылыш түрдө майдан арабага түштү.

19 Ысрайыл ушул күнгө чейин Дөөттүн тукумуна каршы.

20 Ысрайылдыктар Жаробамдын кайтып келгенин угушканда, киши жиберип, аны жыйынга чакыртышып, ысрайылдыктарга падыша кылып алышты. Дөөт тарапта Жүйүт жана Бенжемин урууларынан башка эч ким калган жок.

**Шемайдын пайгамбарчылыктары**

21 Рехабам Иерусалимге келип, Ысрайыл уруулары менен согушуп, Сулаймандын уулу Рехабамга падышачылыкты кайтарыш үчүн, бүткүл Жүйүт уруусунан жана Бенжемин уруусунан тандалган жүз сексен миң аскер топтоду.

22 Кудайдын кишиси Шемайга Кудайдан мындай сөз айтылды:

23 «Жүйүт падышасы Сулаймандын уулу Рехабамга, Жүйүт жана Бенжемин урууларына жана калган элге айт:

24 Теңир мындай дейт: “Бир туугандарыңар Ысрайыл уулдарына барбагыла жана согуш баштабагыла. Ар бириңер үйүңөргө кайткыла, анткени бул Менден болду”». Алар Теңирдин тилин алышып, Теңирдин сөзү боюнча кайра кайтышты.

**Жаробамдын жасалма кудайга табынышы**

25 Жаробам Эпрайым тоосундагы Шекемди чеп куруп бекемдеп, ошол жерге отурукташты. Ал жерден чыгып, Пенуелди чеп куруп бекемдеди.

26 Анан Жаробам өз жүрөгүндө мындай деди: «Падышачылык Дөөттүн тукумуна кайра өтүп кетиши ыктымал.

27 Эгерде бул эл Иерусалимдеги Теңир үйүнө курмандык чалууга бара турган болсо, анда бул элдин жүрөгү өз өкүмдарына, Жүйүт падышасы Рехабамга тартылып кетет. Анан мени өлтүрүп, Жүйүт падышасы Рехабамга кайра кетип калышат».

28 Анан падыша кеңешип, алтындан эки букачар жасап, элге: «Силерге Иерусалимге баруунун кереги жок. Ысрайыл, сени Мисир жеринен алып чыккан кудайларың мына!» – деди.

29 Анын бирин Бейтелге, экинчисин Данга койду.

30 Бул элди күнөөгө түрттү, анткени эл Бейтелге, атүгүл, Данга да барып турду.

31 Ал бийик жерге буткана курду да, Леби уулдарынан эмес, эл ичинен буткана кызматчыларын койду.

32 Жүйүт жериндеги майрамга окшош кылып, Жаробам сегизинчи айдын он бешинчи күнүн майрам кылып белгиледи. Курмандык чалынуучу жайда курмандыктарды чалды. Бейтелде да өзү жасаган букачарларга курмандык чалды. Ал Бейтелге курган бутканага кызматчыларды койду.

33 Ал Бейтелге курган курмандык чалынуучу жайда өз каалоосу менен белгилеп алган сегизинчи айдын он бешинчи күнү курмандыктарды чалды. Ысрайыл уулдары үчүн майрам белгилеп, жыпар жыттуу зат түтөтүш үчүн, курмандык чалынуучу жайдын жанына келди.

**13-БӨЛҮМ**

**Пайгамбардын Жаробамды ашкерелеши**

1 Жаробам курмандык чалынуучу жайдын жанына туруп, жыпар жыттуу зат түтөткөнү жатканда, Теңирдин сөзү боюнча Жүйүт жеринен Бейтелге Кудайдын кишиси келди.

2 Ал Теңирдин сөзүн жарыя кылып, курмандык чалынуучу жайга мындай деди: «Курмандык чалынуучу жай, курмандык чалынуучу жай! Теңир мындай дейт: "Дөөттүн тукумунан Жошия деген уул төрөлөт, ал сенин үстүңдө жыпар жыттуу зат түтөткөн буткана кызматчыларын сенин үстүңдө курмандыкка чалып, сенин үстүңдө адамдардын сөөктөрүн өрттөйт".

3 Бул сөздү Теңир айтканын мына бул жышаан далилдейт: бул курмандык чалынуучу жай урайт, үстүндөгү күлү чачылат», – деп, ошол күнү жышаан берди.

4 Падыша Бейтелдеги курмандык чалынуучу жайга сүйлөгөн Кудайдын кишисинин сөзүн укканда, Жаробам курмандык чалынуучу жайдан колун сунуп: «Аны кармагыла», – деди. Ошондо анын сунган колу сенейип катып калды, ал колун өзүнө тарта албай койду.

5 Курмандык чалынуучу жай урап, үстүндөгү күлү Теңирдин сөзү боюнча, Кудайдын кишиси көрсөткөн белги боюнча чачылды.

6 Ошондо падыша Кудайдын кишисине: «Колу калыбыңа келсин деп, Кудай-Теңириңе жалынып сыйын», – деди. Кудайдын кишиси Теңирге жалынды. Падышанын колу калыбына келип, мурункусундай болуп калды.

7 Падыша Кудайдын кишисине: «Мени менен үйгө кирип, тамак ичип, кубаттанып ал, мен сага белек берем», – деди.

8 Бирок Кудайдын кишиси падышага мындай деди: «Мага үйүңдүн жарымын берсең да, сени менен барбайм, бул жерде нан да жебейм, суу да ичпейм.

9 Анткени: “Ал жерден нан да жебе, суу да ичпе, өзүң барган жол менен кайтып келбе”, – деп, Теңир мага буйрук берген».

10 Ал башка жол менен кетти, Бейтелге келген жолу менен кайткан жок.

11 Бейтелде бир кары пайгамбар жашачу. Баласы келип, ага Кудайдын кишисинин Бейтелде кылган иштерин айтып берди. Анын падышага айткан сөздөрүн да балдары атасына айтып беришти.

12 Ошондо атасы алардан: «Ал кайсы жол менен кетти?» – деп сурады. Балдары ага Жүйүт жеринен келген Кудайдын кишисинин кайсы жол менен кеткенин көрсөтүп беришти.

13 Ал балдарына: «Мага эшекти токуп бергиле», – деди. Алар эшекти токуп беришти, ал эшекке минди.

14 Ал Кудайдын кишисинин артынан барып, аны эмен дарагынын түбүндө отурган жеринен таап, мындай деди: «Жүйүт жеринен келген Кудайдын кишиси сенсиңби?» Ал: «Менмин», – деди.

15 Тиги: «Менин үйүмө кирип, нан же», –деди.

16 Ал мындай деди: «Мен артка кайрылып, сеникине бара албайм. Бул жерде нан да жебейм, суу да ичпейм.

17 Анткени Теңир мага: “Ал жерде нан да жебе, суу да ичпе, барган жолуң менен кайра келбе”, – деп айткан».

18 Ошондо ал ага мындай деди: «Мен деле сендей пайгамбармын, периште мага Теңирдин сөзүн айткан: “Аны үйүңө кайрып кел. Нан жеп, суу ичип алсын”». Бирок ал калп айтып койду.

19 Тигил аны менен кайрылып келди, анын үйүнөн нан жеп, суу ичти.

20 Алар дасторкондо отурушканда эле, аны артка кайрып келген пайгамбарга Теңирден сөз болду.

21 Ал Жүйүт жеринен келген Кудайдын кишисине мындай деди: «Теңир мындай дейт: “Теңирдин сөзүнө моюн сунбаганың үчүн, Кудай-Теңириңдин "Нан да жебе, суу да ичпе" деген буйругун аткарбай,

22 кайрылып келип, ал жерде суу ичип, нан жегениң үчүн, сөөгүң ата-бабаларыңдын мүрзөсүнө коюлбайт”».

23 Жолунан кайрылып келген пайгамбар нан жеп, суу ичкенден кийин, кары пайгамбар ага эшек токуп берди.

24 Ал жолуна түштү. Жолунан арстан чыгып, аны өлтүрүп салды. Анын өлүгү жолдо жатты. Эшек менен арстан болсо өлүктүн жанында турду.

25 Жолдо жаткан өлүктү жана анын жанында турган арстанды алардын жанынан өткөн кишилер көрүшүп, кары пайгамбар жашаган шаарга келип айтышты.

26 Аны жолдон кайрып келген пайгамбар муну угуп: «Ал – Теңирдин сөзүнө моюн сунбаган Кудайдын кишиси. Ага айтылган Теңирдин сөзү боюнча Теңир аны арстанга салып берди, арстан аны жара тартып өлтүрдү», – деди.

27 Анан балдарына: «Мага эшекти токуп бергиле», – деди. Алар токуп беришти.

28 Ал барып, анын жолдо жаткан өлүгүн тапты. Эшек менен арстан өлүктүн жанында турган экен. Арстан өлүктү жебептир, эшекти да жара тартпаптыр.

29 Пайгамбар Кудайдын кишисинин өлүгүн көтөрүп, эшекке артып, алып кетти. Аза күтүп көргө коюш үчүн, кары пайгамбар аны өз шаарына алып кетти.

30 Анын өлүгүн өз мүрзөсүнө коюп: «Оо, бир боорум ай!» – деп ыйлады.

31 Аны көргө койгондон кийин, ал өз балдарына мындай деди: «Мен өлгөндө, мени Кудайдын кишиси коюлган мүрзөгө койгула. Менин сөөгүмдү анын сөөгүнүн жанына койгула.

32 Анткени анын Бейтелдеги курмандык чалынуучу жай жөнүндө жана Самария шаарларындагы бийик жерлерде турган бутканалар жөнүндө Теңирдин буйругу боюнча айткан сөзү орундалат».

**Жаробамдын жаман иштерин улантышы**

33 Ушул окуядан кийин да Жаробам өзүнүн жаман жолунан кайткан жок, бийик жерлердеги бутканаларга элден ыйык кызмат кылуучуларды коюуну уланта берди. Ким кааласа, ал аны буткана кызматчысы кылып дайындачу, ал буткана кызматчысы болуп калчу.

34 Бул Жаробамдын тукумунун күнөөгө батуусуна, өлүшүнө, жер бетинен кырылып жок болуусуна себеп болду.

**14-БӨЛҮМ**

**Жаробамдын уулунун өлүшү**

1 Ошол убакта Жаробамдын уулу Абия ооруп калды.

2 Жаробам аялына мындай деди: «Тур, менин аялым экениңди тааный албагыдай болуп кийин да, Шилого жөнө. Ал жерде Акия деген пайгамбар бар. Ал менин ушул элге падыша болорумду алдын ала айткан.

3 Он нан, бир нече токоч, бир кумура бал алып, ага баргын. Ал сага баланын эмне болорун айтат».

4 Жаробамдын аялы ошондой кылды. Турду да, Шилого бет алып, Акиянын үйүнө келди. Акия карып, көзү көрбөй калган эле.

5 Ошондо Теңир Акияга: «Сага Жаробамдын аялы уулу жөнүндө сураганы келе жатат, анткени ал ооруп жатат. Ага ушундай, ушундай деп айт. Ал башкача кийинип келет», – деди.

6 Аял эшиктен киргенде, Акия анын баскан кадамынын дабышын угуп, мындай деди: «Кир, Жаробамдын аялы. Башкача кийингениңе эмне себеп болду? Менин сага айта турган жаман кабарым бар.

7 Жаробамга барып айт: Ысрайылдын Кудай-Теңири мындай дейт: “Мен сени жөнөкөй элдин арасынан көтөрүп, Өзүмдүн Ысрайыл элиме жол башчы койгом.

8 Дөөттүн тукумунан падышачылыкты тартып алып, аны сага бердим. Сен болсо Менин осуяттарымды аткарган, Менин алдымда Мага жаккан гана иштерди кылып, Мени чын жүрөгү менен ээрчиген кулум Дөөттөй болгон жоксуң.

9 Сен өзүңдөн мурункулардын баарынан жаман иш кылдың. Мени четке кагып, өзүңө моло таштарды жана жасалма кудайларды жасап, Мени каардантгың.

10 Бул үчүн Мен Жаробамдын тукумуна каран түн түшүрөм, Жаробамдын эркек аттууларынын баарын, камактагыларын да, эркиндиктегилерин да кырам, таштандыны шыпыргандай, Жаробамдын тукумун да шыпырып салам.

11 Шаарда Жаробамдын тукумунан кимиси өлсө да, аны иттер жейт, талаада өлгөндөрүн асман куштары чокуп жейт". Анткени Теңир ушинтип айтты.

12 Тур, үйүңө бар, шаарга кирериң менен балаң өлөт.

13 Бүт Ысрайыл аза күтүп, аны көргө коёт, анткени Жаробамдын тукумунан ошол гана көргө кирет. Анткени андан, Жаробамдын тукумунан Ысрайылдын Кудай-Теңиринин алдында жакшы нерсе табылды.

14 Теңир Ысрайылга падыша коёт, ал Жаробамдын ушул күнү төрөлгөн тукумун да, кийин төрөлгөн тукумун да жок кылат. Бул абдан жакын калды.

15 Теңир Ысрайылды талкалайт, ал сууда термелген камыштай болот, ата-бабаларына берген бул асыл жерден ысрайылдыктарды алып ыргытат, өздөрүнө буркандарды жасап, Теңирди каардантышкандыгы үчүн, аларды дарыядан ары чачыратат.

16 Жаробамдын кылган күнөөлөрү үчүн жана ал өз күнөөлөрү менен бүт Ысрайылды күнөөгө батыргандыгы үчүн Теңир Ысрайылды таштап салат».

17 Жаробамдын аялы туруп, үйүн көздөй бет алып, Тирса шаарына келди. Ал үйүнүн босогосун жаңы гана аттаганда, баласы өлүп калды.

18 Теңирдин Өз кулу Акия пайгамбар аркылуу айткан сөзү боюнча бүт Ысрайыл аза күтүп, аны көргө койду.

**Жаробамдын өлүшү**

19 Жаробамдын кандай согуш жүргүзүп, кандай падышачылык кылганы жана башка иштери Ысрайыл падышаларынын тарых китебинде баяндалып жазылган.

20 Жаробам жыйырма эки жыл падышачылык кылды. Ал ата-бабаларына кошулду, анын ордуна уулу Надап такка отурду.

**Рехабам – Жүйүт падышасы**

21 Сулаймандын уулу Рехабам Жүйүт жеринде падышачылык кылды. Теңир Өзүнүн ысымы болуп турушу үчүн Ысрайыл урууларынын ичинен тандап алган Иерусалим шаарында Рехабам он жети жыл падышачылык кылды. Ал такка отурган кезде кырк бир жашта эле. Анын энеси Наама деген амондук аял эле.

22 Жүйүт Теңирге жакпаган иштерди кылып, ата-бабаларынан көбүрөөк күнөө кылып, Теңирди каардантты.

23 Алар ар кандай бийик жерлерге, көлөкөлүү дарактардын астына бутканаларды куруп, балбалдарды, Ашейра бурканын орнотушту.

24 Ушул жерде бузулгандар да бар эле, алар Ысрайыл уулдарынын алдынан Теңир кууп чыккан элдердин бардык жийиркеничтүү иштерин жасашчу.

25 Рехабамдын падышачылыгынын бешинчи жылы Мисир падышасы Шишак Иерусалимге кол салып,

26 Теңир үйүндөгү, падыша сарайындагы асыл буюмдардын баарын алды. Сулайман жасаган алтын калкандарды да алды.

27 Рехабам падыша алардын ордуна жезден калкандарды жасап, аларды падыша сарайын кайтарган сакчылардын башчыларынын колуна берди.

28 Падыша Теңир үйүнө бара жатканда, аларды сакчылар көтөрүп алышчу, анан кайра сакчылар үйүнө алып барып коюшчу.

29 Рехабам жөнүндө жана анын бүт иштери жөнүндө Жүйүт падышаларынын тарых китебинде баяндалып жазылган.

30 Рехабам менен Жаробамдын ортосунда дайыма согуш болуп турган.

31 Рехабам өлүп, ата-бабаларына кошулду. Анын сөөгү Дөөттүн шаарына коюлду. Анын энеси Наама деген амондук аял эле. Анын ордуна уулу Абиям такка отурду.

**15-БӨЛҮМ**

**Абиям – Жүйүт падышасы**

1 Небат уулу Жаробамдын падышачылыгынын он сегизинчи жылында Абиям жүйүттөргө падыша болду.

2 Ал Иерусалимде үч жыл падышачылык кылды. Анын энесинин аты Мааха эле, ал Абышаломдун кызы болчу.

3 Ал атасы кылган күнөөлөрдүн баарын кылды, атасы Дөөттүн жүрөгү берилгендей, анын жүрөгү Кудай-Теңирине берилген жок.

4 Бирок Дөөт өлгөндөн кийин, ордуна уулун көтөрүп, Иерусалимди душмандардан коргош үчүн, Дөөт үчүн анын Кудай-Теңири ага Иерусалимде чырак берди.

5 Себеби хеттик Урийге кылганын эске албаганда, Дөөт өмүрү өткөнчө Теңирдин осуяттарынын биринен да четтебей, Теңирге жаккан иштерди кылган.

6 Рехабам менен Жаробамдын ортосунда дайыма согуш болуп турган.

7 Абиямдын башка бардык иштери Жүйүт падышаларынын тарых китебинде баяндалып жазылган. Абиям менен Жаробамдын ортосунда согуш болуп турган.

**Аса – Жүйүт падышасы**

8 Абиям көз жумуп, аны Дөөттүн шаарына, ата-бабаларынын жанына коюшту. Анын ордуна уулу Аса такка отурду.

9 Ысрайылдын падышасы Жаробамдын падышачылыгынын жыйырманчы жылында жүйүттөргө Аса падыша болду.

10 Ал Иерусалимде кырк бир жыл падышачылык кылды. Анын чоң энесинин аты Мааха эле, ал Абышаломдун кызы болчу.

11 Аса атасы Дөөткө окшоп, Теңирдин алдында Теңирге жаккан иштерди кылган.

12 Ал бузулгандарды өлкөдөн кууп, аталары жасаган жасалма кудайларды жок кылды.

13 Ал тургай, ал өз энеси Мааханы Ашейра бурканын жасаганы үчүн, ханышалык наамынан ажыратты. Аса анын бурканын талкалап, өрттөп, күлүн Кидрон суусуна чачып жиберди.

14 Бийик жерлердеги бутканалар жок кылынган жок. Бирок Асанын жүрөгү өмүрү өткөнчө Теңирге толук берилди.

15 Ал атасы жана өзү Теңирге арнаган алтындарды, күмүштөрдү, идиштерди Теңир үйүнө киргизди.

16 Аса менен Ысрайыл падышасы Баашанын ортосунда дайыма согуш болуп турду.

17 Ысрайыл падышасы Бааша Жүйүткө каршы көтөрүлдү. Жүйүт падышасы Асага эч ким өтүп кетпесин деп, ал Рама чебин кура баштады.

18 Аса Теңир үйүндөгү казынада жана падыша сарайындагы казынада калган бардык алтын менен күмүштөрдү алып, кулдарынын колуна берип, Дамаскта жашаган Сирия падышасы Хезиондун уулу, Табримондун уулу Бенадатка жөнөтүп, мындай деп айттырды:

19 «Менин атам менен сенин атаңдын ортосундагыдай, экөөбүздүн ортобузда да тынчтык келишими түзүлсүн. Мен сага алтын менен күмүштөрдү белек кылып берип жибердим. Ысрайыл падышасы Бааша менин жеримден кетиши үчүн, аны менен түзгөн тынчтык келишимиңди буз».

20 Бенадат Аса падышанын тилин алып, өз аскер башчыларын Ысрайылдын шаарларына каршы жөнөтүп, Айынды, Данды, Абел-Бейт-Маакты, Кинроттун тегерегиндеги бүт жерди жана Напталынын бүт жерин талкалады.

21 Бааша бул жөнүндө угуп, Рама чебин курууну токтотуп, Тирсага кайтып келди.

22 Аса падыша болсо эч кимисин калтырбай, бардык жүйүттөрдү чогултту. Алар Бааша курулушка керектеген таштар менен жыгачтарды Рамадан алып чыгышты. Аса падыша аларды алып, Бенжеминдин Гибасын жана Миспаны курду.

23 Асанын башка бардык иштери, анын бардык эрдиктери, ал эмне кылса, ошонун баары, кайсы шаарларды тургузганы Жүйүт падышаларынын тарых китебинде баяндалып жазылган. Бирок Ал карыганда бутунан оорукчал болуп калды.

24 Аса көз жумуп, ата-бабаларына кошулду. Анын сөөгү атасы Дөөттүн шаарына коюлду. Анын ордуна уулу Жошапат тактыга отурду.

**Надап – Ысрайыл падышасы**

25 Жүйүт падышасы Асанын падышачылык кылганына эки жыл болгондо, Жаробам уулу Надап Ысрайылга падыша болуп, эки жыл падышачылык кылды.

26 Ал Теңирге жакпаган иштерди кылды, Ысрайылды күнөөгө батырган атасынын жолун жолдоп, ал кылган күнөөлөрдү кылды.

27 Надап жана бүт ысрайылдыктар Гиптонду курчап алган учурда, Исахар уруусунан Акия уулу Бааша Надапка каршы чагым уюштуруп, аны пелиштиликтердин Гиптонунун жанында өлтүрдү.

28 Жүйүт падышасы Асанын падышачылыгынын үчүнчү жылында Бааша Надапты өлтүрүп, анын ордуна такка отурду.

29 Ал такка отурганда, Теңирдин Өз кулу шилолук Акия аркылуу айткан сөзү боюнча Жаробамдын бүт тукумун кырып салды, Жаробамдын бир да кишисин тирүү калтырган жок.

30 Бул Жаробамдын өз күнөөлөрү менен Ысрайылды күнөөгө батыргандыгы үчүн, акарат келтирип Ысрайылдын Кудай-Теңирин каардантканды гы үчүн болду.

31 Надаптын башка бардык иштери, ал эмне кылса, ошонун баары Ысрайыл падышаларынын тарых китебинде баяндалып жазылган.

32 Аса менен Ысрайыл падышасы Баашанын ортосунда дайыма согуш болуп турду.

**Бааша – Ысрайыл падышасы**

33 Жүйүт падышасы Асанын падышачылыгынын үчүнчү жылында Акиянын уулу Бааша Тирсада бүт Ысрайылга падыша болуп, жыйырма төрт жыл падышачылык кылды.

34 Ал Теңирге жакпаган иштерди кылды, Ысрайылды күнөөгө батырган Жаробамдын жолун жолдоп, ал кылган күнөөлөрдү кылды.

**16-БӨЛҮМ**

1 Ханани уулу Жейуга Бааша жөнүндө Теңирден сөз болду:

2 «Мен сени жогору көтөрүп, Өзүмдүн элим Ысрайылга жол башчы кылдым, сен болсо Жаробамдын жолун жолдоп, Менин элим Ысрайылды күнөөгө батырдың, ал Мени күнөөлөрү менен каардантты.

3 Мен эми Баашаны жана анын тукумун жок кылам, Небат уулу Жаробамдын тукумун кандай кылсам, сенин тукумуңду да ошондой кылам.

4 Шаарда Баашанын кимиси өлсө, аны иттер жейт. Ал эми талаада кимиси өлсө, аны асман куштары чокуп жейт».

5 Баашанын башка бардык иштери жана эрдиктери Ысрайыл падышаларынын тарых китебинде баяндалып жазылган.

6 Бааша ата-бабаларына кошулду, анын сөөгү Тирсага коюлду. Анын ордуна уулу Эйла такка отурду.

7 Ханани уулу Жейу аркылуу Бааша жөнүндө, анын тукуму жөнүндө, анын Теңирдин көз алдында кылган бардык жаман иштери жөнүндө, Жаробамдын тукумун туурап, өз колу менен кылган иштери менен Теңирди каардантканды гы үчүн, Теңир аны өлтүргөндүгү жөнүндө Теңирдин сөзү мурун айтылган эле.

**Эйла – Ысрайыл падышасы**

8 Жүйүт падышасы Асанын падышачылыгынын жыйырма алтынчы жылында Тирсада Ысрайылга Бааша уулу Эйла падыша болуп, эки жыл падышачылык кылды.

9 Майдан арабаларынын жарымынын башчысы, кулу Зимри ага каршы чагым уюштурду. Эйла Тирсадагы падыша сарайынын башчысы Арсанын үйүндө шарап ичип мас болуп калганда,

10 Зимри кирип, аны сайып өлтүрүп, анын ордуна такка отурду. Бул Жүйүт падышасы Асанын падышачылыгынын жыйырма жетинчи жылында болду.

11 Ал падыша болуп, анын тагына отургандан кийин, Баашанын бүт тукумун кырып салды, анын бир да эркегин, бир да тууганын, бир да досун тирүү калтырган жок.

12 Жейу пайгамбар аркылуу Бааша жөнүндө айтылган Теңирдин сөзү боюнча Зимри Баашанын бүт тукумун кырып салды.

13 Бул Баашанын жана анын уулу Эйланын өз күнөөлөрү менен Ысрайылды күнөөгө түртүшкөндүгү үчүн, жасалма кудайлары менен Ысрайылдын Кудай-Теңирин каардантышкандыгы үчүн болду.

14 Эйланын башка бардык иштери Ысрайыл падышаларынын тарых китебинде баяндалып жазылган.

**Зимри – Ысрайыл падышасы**

15 Жүйүт падышасы Асанын падышачылыгынын жыйырма жетинчи жылында, Ысрайыл эли пелиштиликтердин Гиптонун курчап жатканда, Зимри такка отуруп, жети күн Тирсада падышачылык кылды.

16 Курчап жаткан Ысрайыл эли Зимринин чагым уюштуруп, падышаны өлтүргөнүн угуп, ошол эле күнү кошуунда Ысрайылга аскер башчы Омрини падыша кылышты.

17 Омри жана бардык ысрайылдыктар Гиптондон артка кайтып келип, Тирсаны курчап алышты.

18 Зимри шаардын басылып алынганын көргөндө, падыша сарайынын ички бөлмөсүнө кирип, от коюп, өрттөнүп өлдү.

19 Ал күнөөлөрү менен Ысрайылды күнөөгө батырган Жаробамдын жолун жолдоп, Теңирге жакпаган иштерди кылгандыгы үчүн өлдү.

20 Зимринин башка иштери жана анын уюштурган чагымы Ысрайыл падышаларынын тарых китебинде баяндалып жазылган.

**Омри – Ысрайыл падышасы**

21 Ошондо Ысрайыл эли экиге бөлүндү: такка отургузуу үчүн, элдин жарымы Гинат уулу Тибни тарапта, жарымы Омри тарапта болду.

22 Омри тараптагы эл Гинат уулу Тибни тараптагы элди жеңди. Тибни өлүп, Омри такка отурду.

23 Жүйүт падышасы Асанын падышачылыгынын отуз биринчи жылында Ысрайылга Омри падыша болуп, он эки жыл падышачылык кылды. Ал Тирсада алты жыл падышачылык кылды.

24 Омри эки күмүш талантка Шемерден Самария тоосун сатып алып, тоо үстүнө шаар куруп, аны тоонун ээси Шемердин атынан Самария деп атады.

25 Омри Теңирге жакпаган иштерди, өзүнөн мурункулардыкынанан да жаман иштерди кылды.

26 Ал Ысрайылдын Кудай-Теңирин өзүнүн жасалма кудайлары менен каардантып, Ысрайылды күнөөгө батырган Небат уулу Жаробамдын жолун бардык жагынан жолдоду.

27 Омринин башка иштери, көрсөткөн эрдиги Ысрайыл падышаларынын тарых китебинде баяндалып жазылган.

28 Омри ата-бабаларына кошулду, анын сөөгү Самарияга коюлду. Анын ордуна уулу Ахап такка отурду.

**Ахап – Ысрайыл падышасы**

29 Омри уулу Ахап Ысрайылга Жүйүт падышасы Асанын падышачылыгынын отуз сегизинчи жылында падыша болду. Омри уулу Ахап Ысрайылга Самарияда жыйырма эки жыл падышачылык кылды.

30 Омри уулу Ахап Теңирге жакпаган иштерди, өзүнөн мурункулардыкынан да жаман иштерди кылды.

31 Небат уулу Жаробамдын күнөөлөрүн кайталаганы аз келгенсип, ал Сидон падышасы Этпаалдын кызы Изебелди аялдыкка алып, Баалга табынып кызмат кыла баштады.

32 Ал Самарияда өзү курган Баалдын бутканасына Баалга арнап курмандык чалынуучу жай тургузду.

33 Ахап Ашейра мамысын тургузуп, Ысрайылдын Кудай-Теңирин каарданткан иштерди, Ысрайылдын мурунку падышаларыныкынан да жаман иштерди кылды.

34 Анын убагында бейтелдик Хиел Жерихону кайра калыбына келтирди. Ал анын пайдубалын тургузганда, тун уулу Абырамдан ажырады, дарбазасын орнотконд0, кичүү уулу Сегуптан ажырады. Бул Нундун уулу Жашыя аркылуу айтылган Теңирдин сөзү боюнча болду.

**17-БӨЛҮМ**

**Илияс пайгамбар жана кургакчылык**

1 Гилат тургундарынын бири тишпилик Илияс пайгамбар Ахапка: «Мен алдында турган Ысрайылдын Кудай-Теңири тирүү! Ушул жылдары, менин сөзүм боюнча шүүдүрүм түшпөйт, жамгыр жаабайт», – деди.

2 Теңирден ага мындай сөз болду:

3 «Бул жерден чыгып, чыгышка бурулуп, Иордандын каршысындагы Керит суусунун жанына жашын.

4 Сен ошол суудан ичесиң, сени багууну Мен каргаларга буйрудум».

5 Ал барып, Теңирдин айтканындай кылды. Иордандын каршысындагы Керит суусунун боюна барып токтоду.

6 Каргалар ага эртең менен да, кечинде да нан жана эт алып келип турушту, сууну болсо ал агын суудан ичип турду.

7 Бир аз убакыт өткөндөн кийин, агын суу какшыды, анткени жерге жамгыр жааган эмес эле.

**Илияс жана сарепаттык жесир аял**

8 Ошондо ага Теңирден сөз болду:

9 «Тур, Сидондун Сарепат шаарына барып, ошол жерде кал. Мен ал жердеги бир жесир аялга сени багууну буйрудум».

10 Ал туруп, Сарепатка жөнөдү. Шаар дарбазасына келсе, ошол жерде бир жесир аял отун терип жүрүптүр. Илияс аны чакырып: «Мага ичкенге кичине суу берчи», – деди.

11 Ошондо ал аял суу алып келгени кетти. Илияс анын артынан кыйкырды: «Мага бир кесим нан да ала келчи».

12 Аял мындай деди: «Сенин Кудай-Теңириң тирүү! Менде нан жок, жыгач челекте бир ууч гана ун, кумурада бир аз май бар. Бир аз чырпык терип алып, уулум экөөбүзгө тамак даярдайм. Ошону жейбиз да өлөбүз».

13 Ошондо Илияс ага мындай деди: «Коркпо, барып, өзүң айтканды жаса. Бирок адегенде мага ошондон кичине ачыткысыз нан жасап алып кел. Балаң менен өзүңө андан кийин жасайсың.

14 Анткени Ысрайылдын Кудай-Теңири мындай дейт: “Теңир жерге жамгыр жаадырган күнгө чейин үкөктөгү ун түгөнбөйт, кумурадагы май бөксөрбөйт”».

15 Аял барып, Илияс айткандай кылды. Илияс, аял жана анын үй-бүлөсү бир топ убакыт жан багышты.

16 Теңирдин Илияс аркылуу айткан сөзү боюнча үкөктөгү ун түгөнгөн жок, кумурадагы май бөксөргөн жок.

17 Ушундан кийин ал аялдын, үйдүн ээсинин, баласы ооруп калды. Оорусу катуу болгондуктан, анын дем алуусу токтоп калды.

**Жесир аялдын баласынын тирилиши**

18 Ошондо аял Илияска: «Кудайдын кишиси, мага кандай каршылыгың бар? Сен менин күнөөлөрүмдү эсиме салып, баламды өлтүргөнү келдиңби?» – деди.

19 Илияс аялга: «Мага уулуңду бер», – деди. Анан ал аялдын колунан баланы алып, өзү жашаган үстүнкү бөлмөгө алып барып, төшөгүнө жаткырды.

20 Анан Теңирди чакырып, мындай деди: «Кудай-Теңирим! Мен үйүндө жашап жаткан бул жесир аялга да жамандык кылып, уулун өлтүрүп коёсуңбу?»

21 Анан ал баланын үстүнө үч жолу жатып, Теңирди чакырып, мындай деди: «Кудай-Теңирим! Бул баланын жаны өзүнө кайтсын!»

22 Теңир Илиястын үнүн укту. Баланын жаны өзүнө кайтып келди, ал тирилди.

23 Илияс баланы өз бөлмөсүнөн алып түшүп, энесине берип: «Карачы, сенин уулуң тирүү», – деди.

24 Ошондо ал аял Илияска мындай деди: «Сенин Кудайдын кишиси экениңди, сен, чын эле, Теңирдин сөзүн сүйлөп жатканыңды мен эми билдим».

**18-БӨЛҮМ**

**Илияс жана Баалдын пайгамбарлары**

1 Көп күндөр өткөндөн кийин, үчүнчү жылы Илияска Теңирден сөз болду: «Барып, Ахапка көрүн, Мен жерге жамгыр жаадырам».

2 Илияс Ахапка көрүнгөнү кетти. Самарияда болсо катуу ачарчылык болуп жаткан эле.

3 Ахап ак сарай башчысы Обадияны чакыртты. Обадия Кудайдан аябай корккон киши эле.

4 Изебел Теңирдин пайгамбарларын кырган кезде, Обадия жүз пайгамбарды алып, элүү кишиден үңкүрлөргө катып, аларды нан жана суу менен баккан.

5 Ахап Обадияга мындай деди: «Бүт жерди кыдырып, суу башаттарын, өзөндөрдү издеп кел. Аттар менен качырларды тойгузуш үчүн, малдан айрылбас үчүн, оттуу жер табылып калар».

6 Алар карап чыгуу үчүн жерди өз ара бөлүп алышты: Ахап өзүнчө бир жолго, Обадия өзүнчө бир жолго түштү.

7 Обадия жолдо бара жатканда, алдынан Илияс чыкты. Ал Илиясты таанып, жүзтөмөндөп жыгылып: «Илияс мырза, бул сенсиңби?» – деди.

8 Илияс: «Ооба, менмин. Барып, мырзаңа айт. “Илияс бул жерде де”», – деди.

9 Ошондо Обадия мындай деди: «Ахаптын колуна салып берип өлтүргүдөй, кулуң кандай күнөө кылды?

10 Кудай-Теңириң тирүү! Менин өкүмдарым сени издетпеген бир да эл, бир да падышачылык калган жок. Сени жок деген элдерди, падышачылыктарды: “Таппай койдук”, – деп каргантты.

11 Сен болсо мага: “Мырзаңа барып: "Илияс бул жерде", – деп айт” дейсиң да.

12 Мен сенин жаныңдан кеткенде, сени Теңирдин Руху алып кетет, кайда алып кетерин билбейм. Мен барып, Ахапка билдиргенде, ал сени таппай калса, мени өлтүрөт. Кулуң болсо жаштайынан Кудайдан коркот.

13 Изебел Теңирдин пайгамбарларын кырган кезде, Теңирдин пайгамбарларынан жүз кишини, элүү кишиден үңкүргө катып, суу менен нан берип бакканым мырзама айтылган жок беле?

14 Сен болсо мага: “Мырзаңа барып: "Илияс бул жерде", – деп айт” дейсиң да. Ал мени өлтүрүп коёт».

15 Ошондо Илияс: «Мен алдында турган Теңир Себайот тирүү! Ага бүгүн көрүнөм», – деди.

16 Обадия Ахаптын алдынан чыгып, ага билдирди. Ахап Илияска кезиккени жөнөдү.

17 Ахап Илиясты көргөндө, ага: «Ысрайылдын башына мүшкүл салган сенсиңби?» – деди.

18 Илияс мындай деди: «Ысрайылдын башына мүшкүл салган мен эмесмин, ал сенсиң жана сенин атаңдын үй-бүлөсү, анткени силер Теңирдин буйруктарын жек көрүп, Баалдын артынан ээрчип жүрөсүңөр.

19 Эми бар да, Изебелдин дасторконунан тамактанган Ашейранын төрт жүз пайгамбарын жана Баалдын төрт жүз элүү пайгамбарын, бүт Ысрайылды Кармел тоосуна, менин алдыма чогултуп бер».

20 Ахап Ысрайылдын бардык уулдарына чабарман жиберип, Кармел тоосуна бүт пайгамбарларды чогултту.

21 Ошондо Илияс элдин алдына келип: «Качанкыга чейин эки бутуңардан аксайсыңар? Эгер Теңирди Кудай десеңер, анда Аны ээрчигиле. Эгерде Баалды Кудай десеңер, анда аны ээрчигиле», – деди. Эл ага эч нерсе деп жооп берген жок.

22 Анан Илияс элге мындай деди: «Теңирдин пайгамбарларынан жалгыз мен калдым, ал эми Баалдын пайгамбарлары төрт жүз элүү.

23 Бизге эки букачар беришсин, алар бир букачарды тандап алып, жиликтеп бөлүп, отундун үстүнө коюшсун, бирок от коюшпасын. Мен болсо экинчи букачарды даярдап, отундун үстүнө коём, бирок от койбойм.

24 Силер өз кудайыңардын атын чакыргыла, а мен өз Кудай-Теңиримдин атын чакырам. Кудайлардын кимиси от аркылуу жооп берсе, ошол – Кудай». Бүт эл: «Жакшы болот», – деди.

25 Илияс Баалдын пайгамбарларына: «Бир букачар тандап алып, адегенде силер даярдагыла, анткени силер көпсүңөр. Анан өз кудайыңардын атын чакыргыла, бирок от койбогула», – деди.

26 Алар өздөрүнө берилген букачарды алып, даярдашты да, таң аткандан түшкө чейин Баалдын атын чакырышты: «Баал, бизди ук!» Бирок үн да, жооп да болгон жок. Алар өздөрү жасаган курмандык чалынуучу жайды айлана бийлеп жүрүштү.

27 Түштө Илияс аларга күлүп: «Катуу кыйкыргыла, анткени ал – кудай. Балким, ойго батып кеткендир, же бир иш менен алек болуп жаткандыр, же жолдодур, а балким, уктап жаткандыр, ойгонор», – деди.

28 Алар катуу кыйкыра баштошту, анан өздөрүнүн адаты боюнча бычак менен, найза менен өздөрүн кан аккыча сайгылашты.

29 Түш ооду, тигилер болсо кечки курмандык чалуучу убакка чейин ушинтишти. Бирок үн да, сөз да, жооп да болгон жок.

30 Ошондо Илияс бүт элге: «Мага жакын келгиле», – деди. Бүт эл ага жакын келди. Ал Теңирдин бузулган курмандык чалынуучу жайын калыбына келтирди.

31 Теңир: «Сенин ысымың Ысрайыл болот», – деп айткан Жакып уулдарынын урууларынын саны боюнча Илияс он эки таш алды.

32 Ошол таштардан Теңирге арнап курмандык чалынуучу жай тургузуп, курмандык чалынуучу жайды тегерете эки сата дан баткыдай аң казды.

33 Анан отундарды койду, букачарды жиликтеп бөлүп, отундун үстүнө койду.

34 Анан: «Төрт чакага суу толтургула, аны бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка жана отундун үстүнө куйгула», – деди. Анан: «Кайталагыла», – деди. Алар кайталашты. Анан: «Үчүнчү жолу ушундай кылгыла», – деди. Алар үчүнчү жолу ошондой кылышты.

35 Курмандык чалынуучу жайдын айланасынан суу куюлуп, аңга суу толду.

36 Кечки курмандык чалуу убагында Илияс пайгамбар курмандык чалынуучу жайдын жанына келип, мындай деди: «Ыбрайымдын, Ыскактын, Ысрайылдын Кудай-Теңири! Ушул күнү Ысрайылдагы жалгыз Кудай Сен экениңди, мен Сенин кулуң экенимди, баарын Сенин сөзүң боюнча кылганымды билишсин.

37 Уга көр мени, Теңир, уга көр мени! Ушул эл, Теңир, Сенин Кудай экениңди билсин, Сен алардын жүрөгүн Өзүңө бурасың».

38 Ошондо Теңирдин оту түшүп, бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты да, отунду да, таштарды да, топуракты да, аңдагы сууну да жалмап кетти.

39 Муну көргөн эл жүзтөмөндөп жыгылып: «Теңир – Кудай, Теңир – Кудай!» – деди.

40 Илияс аларга: «Баалдын пайгамбарларын кармагыла, алардын бирөө да жашынып калбасын», – деди. Аларды кармап келишти, Илияс аларды Кишон суусуна алып барып, кылыч менен сайып өлтүрдү.

**Илияс Кармел тоосунда**

41 Анан Илияс Ахапка: «Бар, тамактанып ал, анткени жамгырдын дабышы угулуп жатат», – деди.

42 Ахап тамактанганы кетти, Илияс болсо Кармел тоосунун башына чыгып, эңкейип, эки тизесинин ортосуна башын койду.

43 Анан өзүнүн кызматчы уланына: «Барып, деңиз жакты кара», – деди. Ал көрүп келип: «Эч нерсе жок экен», – деди. Ал ага: «Ушуну жети жолу кайтала», – деди.

44 Улан жетинчи жолу көрүп келип: «Деңиз тараптан чоңдугу адамдын алаканындай болгон булут көтөрүлүп келе жатат», – деди. Ал ага: «Барып, Ахапка: "Жаанга калбаш үчүн, майдан арабаңды чегип, жөнө", – деп айт», – деди.

45 Аңгыча шамал согуп, булут каптап, асман түнөрүп, кара нөшөр куйду. Ахап болсо майдан арабасына отуруп, Изрейелге жөнөдү.

46 Теңирдин колу Илиястын үстүндө эле. Ал белин курчап алып, Изрейелге жеткенче Ахаптын алдында чуркап барды.

**19-БӨЛҮМ**

**Илияс Хореп тоосунда**

1 Ахап Изебелге Илиястын кылган иштеринин баарын, бүт пайгамбарларды кылычтап өлтүргөнүн айтып берди.

2 Изебел Илияска элчи жиберип: «Сен тигилерди өлтүргөндөй, мен да сени эртең ушул убакта өлтүрбөсөм, анда кудайлар мени жазаласын, катуу жазаласын», – деп айттырды.

3 Илияс муну укканда, ордунан туруп, жанын сактап калыш үчүн, Жүйүттүн Бейер-Шебасына келип, ал жерге өз кызматчысын калтырды.

4 Өзү бир күн жол жүрүп, чөлгө келип, бир бадалдын түбүнө отуруп, өзүнө өлүм сурап: «Теңир, эми жетишет. Жанымды ал, анткени мен аталарымдан артык эмесмин», – деди.

5 Анан ал бадалдын түбүнө жатып уктап калды. Ошондо ага периште колун тийгизип: «Тур, тамактан», – деди.

6 Илияс көзүн ачса, баш жагында чокко бышырылган ачыткысыз нан жана бир кумура суу туруптур. Тамактангандан кийин, кайра уктап калды.

7 Теңирдин периштеси кайрылып келип, экинчи жолу колун тийгизип: «Тур, тамактан, анткени алдыңда узак жол турат», – деди.

8 Илияс туруп, тамактанып, кубаттанып алып, Кудайдын тоосу Хорепке чейин кырк күн, кырк түн жол жүрдү.

9 Ал ошол жердеги үңкүргө кирип, түнөп калды. Ошондо Теңирден ага сөз болуп, Теңир ага: «Илияс, сен бул жерде эмне кылып жүрөсүң?» – деди.

10 Ал: «Мен Себайот Кудай-Теңир үчүн кызганчаактык көрсөттүм, анткени Ысрайыл уулдары Сенин келишимиңден баш тартып, Сенин курмандык чалынуучу жайларыңды бузуп, Сенин пайгамбарларыңды кылычтап өлтүрүштү. Мен жалгыз калдым, бирок менин жанымды да алыш үчүн, издеп жүрүшөт», – деди.

11 Теңир ага мындай деди: «Чык, тоонун үстүнө, Теңирдин алдында тур. Ошондо Теңир өтөт, Теңирдин алдында тоолорду жарган, аскаларды кыйраткан чоң, катуу шамал болот, бирок Теңир шамалда эмес. Шамалдан кийин жер титирөө болот, бирок Теңир жер титирөөдө эмес.

12 Жер титирөөдөн кийин от келет, бирок Теңир отто эмес. Оттон кийин акырын соккон жел болот».

13 Илияс муну укканда, чапаны менен бетин жашырып, үңкүрдөн чыгып, анын кире беришинде турду. Ага дагы үн угулуп: «Илияс, сен бул жерде эмне кылып жүрөсүң?» – деди.

14 Ал: «Мен Себайот Кудай-Теңир үчүн кызганчаактык көрсөттүм, анткени Ысрайыл уулдары Сенин келишимиңден баш тартып, Сенин курмандык чалынуучу жайларыңды бузуп, Сенин пайгамбарларыңды кылычтап өлтүрүштү. Мен жалгыз калдым, бирок менин жанымды да алыш үчүн, издеп жүрүшөт», – деди.

15 Теңир ага мындай деди: «Кайра чөл аркылуу өз жолуң менен Дамаскка бар. Барганыңда, Сирияга Хазаелди падыша кылып майла.

16 Ал эми Нимши уулу Жейуну Ысрайылга падыша кылып майла. Абел-Мекелалык Шапат уулу Элишаны болсо өзүңдүн ордуңа пайгамбар кылып майла.

17 Хазаелдин кылычынан качып кутулганды Жейу өлтүрөт, ал эми Жейунун кылычынан качып кутулганды Элиша өлтүрөт.

18 Бирок Мен Ысрайылда жети миң эркек калтырдым. Алардын бардыгынын тизелери Баалдын алдында бүгүлгөн эмес, алардын бирөө да аны өпкөн эмес».

**Элишанын пайгамбарлыкка чакырылышы**

19 Илияс ошол жерден кетип, кош айдап жаткан Шапат уулу Элишаны тапты. Анын он эки кош өгүзү бар эле, өзү он экинчисинин жанында болчу. Илияс анын жанынан өтүп бара жатып, ага өзүнүн чапанын ыргытты.

20 Ошондо Элиша өгүздөрүн таштап, Илиястын артынан чуркап барып: «Атам менен энемди өөп келгенге уруксат бер, анан мен сенин артыңдан барам», – деди. Ал ага: «Барып кел. Мен сага эмне кыла алмак элем?» – деди.

21 Ал Илиястын жанынан кеткенден кийин, эки өгүз алып, аларды союп, алардын буурусунун отко жагып, эт бышырып, элге таратты, алар жешти. Өзү болсо ордунан туруп, Илиястын артынан барып, ага кызмат кыла баштады.

**20-БӨЛҮМ**

**Сирия менен болгон согуш**

1 Сирия падышасы Бенадат өзүнүн бардык аскерин жыйнап, отуз эки падышасын ээрчитип, аттары, майдан арабалары менен барып, Самарияны курчоого алып, кол салды.

2 Анан ал шаарга, Ысрайыл падышасы Ахапка элчилерин жөнөтүп,

3 ага: «Бенадат мындай дейт: “Сенин күмүшүң менен алтының меники, сенин аялдарың менен мыкты уулдарың меники”», – деп айттырды.

4 Ысрайыл падышасы: «Сенин айтканыңдай болсун, мырзам падыша. Мен жана менде эмне болсо, ошонун бардыгы сеники», – деп жооп берди.

5 Элчилер кайра келип айтышты: «Бенадат мындай дейт: Мен сага мындай деп айттырып жибердим: “Күмүшүңдү да, алтыныңды да, аялдарыңды да, уулдарыңды да мага бер”.

6 Ошондуктан мен эртең ушул убакта сага өзүмдүн кулдарымды жиберем. Алар сенин үйүңдү жана сенин алдыңдагы кызматчыларыңдын үйлөрүн карап чыгып, көзүңө кымбат болуп көрүнгөн нерселериңдин бардыгын өз колдору менен алып, көтөрүп кетишет».

7 Ысрайыл падышасы өлкөнүн аксакалдарынын баарын чакыртып, мындай деди: «Байкадыңарбы, ал бизге жамандык кылганы жатат. Ал менин аялдарымды, уулдарымды, күмүштөрүмдү, алтындарымды алганы киши жибергенде, мен ага каршы болгон жокмун».

8 Ошондо бардык аксакалдар менен бүт эл ага: «Укпагын да, макул болбогун», – дешти.

9 Ал Бенадаттын элчилерине: «Мырзам падышага айткыла: “Кулуңа биринчи жолу эмне деп жиберсең, ошонун бардыгын кылууга даярмын. Бирок мунуңду аткара албайм”», – деди. Элчилер өздөрүнүн падышасына анын жообун айтып барышты.

10 Бенадат ага: «Артымда келе жаткан адамдардын баарына Самариянын топурагы бир ууччтан жетсе, анда мени кудайлар жазаласын, катуу жазаласын», – деп айттырганы киши жиберди.

11 Ысрайыл падышасы: «Айткыла: Кур курчанып жаткан киши кур чечип жаткан кишидей мактанбасын», – деп жооп берди.

12 Падышалар менен чатырларда ичип отурган Бенадат бул сөздү угуп, кулдарына: «Шаарды курчоого алгыла», – деди. Алар шаарды курчоого алышты.

13 Ошондо бир пайгамбар Ысрайыл падышасы Ахаптын жанына келип: «Теңир мындай дейт: “Бул сансыз көп аскерди көрүп жатасыңбы? Сен Менин Теңир экенимди билишиң үчүн, булардын баарын Мен бүгүн сенин колуңа салып берем”», – деди.

14 Ахап: «Ким аркылуу?» – деп сурады. Ал ага: «Теңир мындай дейт: “Дубан башчыларынын кызматчылары аркылуу”», – деп жооп берди. Ахап: «Салгылашты ким баштайт?» – деп сурады. Ал: «Сен», – деди.

15 Ахап дубан башчыларынын кызматчыларын эсептегенде, алардын саны эки жүз отуз эки болду. Алардан кийин бүткүл элди санаганда, бардык Ысрайыл уулдарынын саны жети миң болду.

16 Алар чак түштө аттанып чыгышты. Бенадат өзүнө жардамдашкан отуз эки падыша менен чатырларда мас болгуча ичти.

17 Адегенде дубан башчыларынын кызматчылары чыгышты. Бенадат жиберген кишилер келип, ага Самариядан кишилер чыгышканын билдиришти.

18 Ал: «Тынчтык менен чыгышса да, согушканы чыгышса да, тирүүлөй колго түшүргүлө», – деди.

19 Шаардан дубан башчыларынын кулдары чыгышты, алардын аркасынан аскерлер чыгышты.

20 Ар бири өз душманын талкалап жатты. Сириялыктар качып жөнөштү, ысрайылдыктар алардын артынан кууп жөнөштү. Сирия падышасы Бенадат болсо атчан жоокерлер менен качып кетти.

21 Ысрайыл падышасы чыгып, майдан арабалар менен аттарды тартып алып, сириялыктарды катуу талкалады.

22 Жанагы пайгамбар Ысрайыл падышасынын жанына келип: «Бар, күч топто, эмне кылышың керек экенин билип байкаштыр, анткени бир жыл өткөндөн кийин Сирия падышасы сага кайра кол салат», – деди.

**Сириялыктардын экинчи жолу кол салышы**

23 Сирия падышасына аскер башчылары мындай дешти: «Алардын Кудайы тоо Кудайы экен, ошондуктан алар бизди жеңишти. Эгер биз алар менен түздүктө салгылашсак, анда биз сөзсүз жеңебиз.

24 Ошондуктан мындай кыл: падышалардын ар бирин турган ордунан алып, алардын ордуна дубан башчыларын кой.

25 Канча аскер кырылса, ошончо аскер жыйна, канча ат кырылса, ошончо ат жыйна, канча майдан араба талкаланса, ошончо майдан араба жыйна, алар менен түздүктө салгылашабыз, ошондо аларды сөзсүз жеңебиз». Алардын сөзүн угуп, ал ушундай кылды.

26 Бир жыл өткөндөн кийин Бенадат сириялыктарды чогултту да, Ысрайыл менен салгылашуу үчүн, Апейикке жөнөдү.

27 Ысрайыл уулдары да жыйналып, азык-түлүк алып, аларга каршы аттанышты. Ысрайыл уулдары алардын каршысына анча чоң эмес текенин эки үйүрүндөй болуп жайгашты, сириялыктар болсо жер бетин каптап калды.

28 Кудайдын кишиси Ысрайыл падышасынын жанына келип: «Теңир мындай дейт: Сириялыктар “Теңир – өрөөндүн Кудайы эмес, тоо Кудайы” деп айтышканы үчүн, Мен бул сансыз аскерди сенин колуңа салып берем, ошондо силер Менин Теңир экенимди билесиңер», – деди.

29 Ошентип, алар бири-биринин каршысында жети күн турушту. Жетинчи күнү салгылаш башталды. Ысрайыл уулдары сириялыктардын жүз миң жөө аскерин бир күндө талкалашты.

30 Калгандары Апейик шаарына качып кетишти. Ал жерде калган жыйырма жети миң адамды дубал басып калды. Бенадат болсо шаарга качып келип, ички бөлмөлөрдүн биринен экинчисине чуркап жүрдү.

31 Кулдары ага: «Ысрайыл тукумунун падышалары ырайымдуу деп укканбыз. Андыктан белибизге зумбал курчанып, башыбызга жип салып, Ысрайыл падышасына барууга уруксат кыл. Балким, ал сени аяп, аман калтырар», – дешти.

32 Алар белдерине зумбал курчанып, баштарына жип салып, Ысрайыл падышасына барып: «Сенин кулуң Бенадат: “Жан соога”, – дейт», – дешти. Ошондо тиги: «Ал, эмне, али тирүүбү? Ал менин бир тууганым», – деди.

33 Алар бул сөздү жакшы белги катары кабыл алып, анын оозунан чыккан сөздү илип алып: «Ооба, Бенадат сенин бир туугандың», – дешти. Ошондо ал: «Барып, аны алып келгиле», – деди. Бенадат ага келгенде, ал аны өзүнүн майдан арабасына отургузду.

34 Бенадат ага: «Сенин атаңдан менин атам тартып алган шаарларды мен кайтарып берем. Менин атамдын Самарияда базар аянттары болгондой, сенин да Дамаскта базар аянттарың болот», – деди. Ахап ага: «Келишим түзгөндөн кийин, мен сени коё берем», – деди. Экөө келишим түзгөндөн кийин, Ахап аны коё берди.

**Ахаптын күнөөсүнүн ашкерелениши**

35 Теңирдин сөзү боюнча пайгамбар уулдарынын бири экинчисине: «Мени саба», – деди. Бирок экинчиси макул болбой койду.

36 Ошондо ал: «Теңирдин айтканын кылбаганың үчүн, менин жанымдан кеткенден кийин, сени арстан жара тартат», – деди. Ал анын жанынан кеткенден кийин, алдынан арстан чыгып, аны жара тартып салды.

37 Ал башка кишини таап: «Мени саба», – деди. Ал киши аны жарадар кылгыча сабады.

38 Пайгамбар көзүн жабуу менен жаап алып, жолдо бара жаткан падышанын алдына келди.

39 Падыша жанынан өтүп бара жатканда, ал падышага мындай деп кыйкырды: «Кулуң салгылашууга барган, ошондо бир киши четке чыгып, мага бир кишини алып келип: “Бул кишини кайтар. Эгер ал жоголуп кетсе, анда сенин жаның анын жаны үчүн кыйылат же бир талант күмүш тартып бересиң”, – деди.

40 Кулуң ар кайсы иштер менен алек болуп жатканда, ал жоголуп кетти». Ысрайыл падышасы ага: «Сага ошондой өкүм чыгарылсын. Өзүң чечип койдуң», – деди.

41 Ал ошол замат жабууну көзүнөн алды. Падыша анын пайгамбарлардын бири экенин тааныды.

42 Пайгамбар ага мындай деди: «Теңир мындай дейт: “Мен өлүмгө өкүм кылган кишини колуңдан чыгарып жибергениң үчүн, сенин жаның анын жаны үчүн кыйылат, сенин элиң анын элинин ордуна кырылат”».

43 Ысрайыл падышасы көңүлү чөгүп, санаага батып, үйүнө, Самарияга келди.

**21-БӨЛҮМ**

**Наботтун жүзүмзары**

1 Ушул окуялардан кийин мындай болду: Самария падышасы Ахаптын падыша сарайынын жанында, Изрейелде изрейелдик Наботтун жүзүмзары бар эле.

2 Ахап Наботко: «Жүзүмзарыңды мага бер, ал жерге мен жашылча өстүрөм, анткени ал менин үйүмө жакын. Анын ордуна мен сага андан да жакшы жүзүмзар берем. Эгер кааласаң, канча турса, ошончо күмүш берем», – деди.

3 Бирок Набот Ахапка: «Ата-бабаларымдын мурасын сага берүүдөн Теңирим мени сактасын!» – деди.

4 Ахап изрейелдик Наботтун «Ата-бабаларымдын мурасын сага бербейм» деген сөзүнө көңүлү чөгүп, санаага батып, үйүнө келди да, төшөгүнө тескери карап жатып алды, тамак ичкен жок.

5 Анын үстүнө аялы Изебел кирип: «Эмнеге мынча көңүлүң чөктү? Эмнеге тамак ичпей койдуң?» – деди.

6 Ал ага мындай деди: «Изрейелдик Наботко: "Жүзүмзарыңды күмүшкө бер, кааласаң, анын ордуна башка жүзүмзар берем", – десем, ал мага: "Жүзүмзарымды сага бербейм", – деди».

7 Ошондо аялы Изебел ага: «Сен ушундай кылсаң, Ысрайылда эмне деген падышачылык болот? Тур, тамак ич, кайгырба, мен сага изрейелдик Наботтун жүзүмзарын алып берем», – деди.

8 Анан ал Ахаптын атынан каттарды жазып, аларга анын мөөрүн басты да, ал каттарды Набот менен бир шаарда жашаган аксакалдарга жана атактуу кишилерге жиберди.

9 Ал каттарга мындай деп жазды: «Орозо жарыя кылып, Наботту элдин алдына отургузгула.

10 Ал эми анын маңдайына жүзү кара эки кишини отургузгула. "Сен Кудайга жана падышага акарат келтирдиң" деп, алар ага жалаа жабышсын. Анан аны алып чыгып, таш бараңга алып өлтүргүлө».

11 Анын шаарында жашаган эркектер: аксакалдар, атактуу кишилер Изебел жиберген каттарда кандай жазылса, ошондой кылышты.

12 Орозо жарыя кылып, Наботту элдин алдына отургузушту.

13 Анан жүзү кара эки киши чыгып, анын маңдайына отурду. Ал жаман адамдар элдин алдында ага: «Набот Кудайга жана падышага акарат келтирди», – деп жалаа жабышты. Ошентип, аны шаардын сыртына алып чыгып, таш бараңга алып өлтүрүштү.

14 Наботту таш бараңга алып өлтүрүшкөнүн Изебелге айттырып жиберишти.

15 Изебел Наботту таш бараңга алып өлтүрүшкөнүн укканда, Ахапка: «Тур, барып, изрейелдик Наботтун күмүшкө бергиси келбеген жүзүмзарын ээле, анткени Набот жок, ал өлдү», – деди.

16 Ахап Наботтун өлгөнүн укканда, ордунан турду да, анын жүзүмзарын ээлеп алганы жөнөдү.

17 Ошондо тишпилик Илияска Теңирден сөз болду:

18 «Тур, барып, Самариядагы Ысрайыл падышасы Ахапка жолук. Ал азыр Наботтун жүзүмзарын ээлеп алганы келди.

19 Ага мындай дегин: Теңир мындай дейт: "Өлтүргөнүң аз келгенсип, эми мурасын ээлеп алгың барбы?" Дагы мындай де: Теңир мындай дейт: "Наботтун канын иттер кайсы жерде жалашса, сенин каныңды да ошол жерде жалашат"».

20 Ахап Илияска: «Душманым, мени таптың!» – деди. Илияс мындай деди: «Таптым, анткени сен Теңирге жакпаган иштерди кылууга дитиңди бердиң.

21 Теңир мындай дейт: "Мен сага каран түн түшүрөм, артыңа тукум калтырбай, жер үстүнөн шыпырып таштайм, Ахаптын эркек аттууларынын баарын, камактагыларын да, Ысрайылда калгандарын да жок кылам.

22 Акарат келтирип, Мени каардантканың үчүн, Ысрайылды күнөөгө батыргандыгың үчүн, Небат уулу Жаробамдын тукумун жана Акиянын уулу Баашанын тукумун кандай кылсам, сенин тукумуңду да ошондой кылам”.

23 Теңир Изебел жөнүндө да: “Изрейел дубалынын сыртында Изебелди иттер жейт”, – деди.

24 Шаарда Ахаптын тукумунан ким өлсө, аны иттер жейт. Ал эми талаада кимиси өлсө, аны асман куштары чокуп жейт.

25 Аялы Изебелдин сөзүнө кирип, Теңирге жакпаган иштерди кылган Ахаптай адам мурун болгон эмес.

26 Ал Ысрайыл уулдарынын алдынан Теңир кууп чыккан аморлуктардай болуп жасалма кудайларды ээрчип, өтө ыпылас иштерди кылды».

27 Ахап ушул сөздүн баарын укканда, кийимин айрып, зумбал жамынып, орозо кармап, зумбалчан жатып, кайгылуу жүрдү.

28 Ошондо тишпилик Илияска Теңирден сөз болду, Теңир мындай деди:

29 «Менин алдымда Ахаптын моюн сунганын көрдүңбү? Менин алдымда моюн сунганы үчүн Мен ага көзү тирүүсүндө каран түн түшүрбөйм. Анын тукумуна баласынын убагында каран түн түшүрөм».

**22-БӨЛҮМ**

**Михей пайгамбар жана Ахап**

1 Үч жылдын аралыгында Сирия менен Ысрайылдын ортосунда согуш болгон жок.

2 Үчүнчү жылы Жүйүт падышасы Жошапат Ысрайыл падышасына барды.

3 Ысрайыл падышасы өзүнүн кызматчыларына: «Гилаттын Рамоту биздики экенин билесиңерби? Биз болсо көптөн бери унчукпай эле жүрөбүз, аны Сирия падышасынын колунан албай жатабыз», – деди.

4 Анан ал Жошапаттан: «Мени менен бирге Гилаттын Рамотуна каршы согушканы барасыңбы?» – деп сурады. Жошапат Ысрайыл падышасына: «Сен кандай болсоң, мен да ошондоймун. Сенин элиң кандай болсо, менин элим да ошондой. Сенин аттарың кандай болсо, меники да ошондой», – деп жооп берди.

5 Жошапат Ысрайыл падышасына: «Теңирдин эмне айтарын бүгүн сура», – деди.

6 Ысрайыл падышасы төрт жүзгө жакын пайгамбарды чогултуп, алардан: «Мен Гилаттын Рамотуна каршы согушканы барсам болобу же болбойбу?» – деп сурады. Алар: «Бар, Теңир аны падышанын колуна салып берет», – дешти.

7 Жошапат: «Бул жерде Теңирдин пайгамбарларынан дагы барбы? Биз ал аркылуу Теңирдин эркин сурайт элек», – деп сурады.

8 Ысрайыл падышасы Жошапатка: «Дагы бир киши бар, ал аркылуу Теңирдин эркин сураса болот, бирок мен аны жек көрөм, анткени ал мага жакшы кабар айтпайт, жаман гана кабар айтат. Ал – Жимланын уулу Михей», – деди. Жошапат ага: «Падыша, андай дебе», – деди.

9 Ысрайыл падышасы бир эбнухту чакырып: «Тезирээк Жимланын уулу Михейди чакырып кел», – деди.

10 Ысрайыл падышасы менен Жүйүт падышасы Жошапат падыша кийимин кийип, Самария дарбазасынын жанындагы аянтта ар бири өзүнүн тактысында отурушту, алардын алдында бардык пайгамбарлар пайгамбарчылык кылып жатышты.

11 Ошондо өзүнө темир мүйүз жасап алган Кенаана уулу Ситкия: «Теңир мындай дейт: Бул мүйүз менен сириялыктарды сүзүп жок кыласың», – деди.

12 Пайгамбарлардын бардыгы ушундай эле пайгамбарчылык кылышты: «Гилаттын Рамотуна каршы бар, жеңишке жетесиң, аларды Теңир падышанын колуна салып берет».

13 Михейди чакырып келгени барган эбнух ага: «Мына, пайгамбарлардын баары бир добуштан падышага жакшы кабар айтышты. Сенин сөзүң да алардын сөзү менен бирдей болсун, сен да жакшы кабар айт», – деди.

14 Ошондо Михей: «Теңир тирүү! Теңир мага эмне деп айтса, мен ошону айтам», – деди.

15 Ал падышага келди. Падыша андан: «Михей! Гилаттын Рамотуна согушканы барсак болобу же болбойбу?» – деп сурады. Михей ага: «Бар, жеңишке жетесиң, Теңир аны падышанын колуна салып берет», – деп жооп берди.

16 Падыша ага: «Мага Теңирдин атынан чындыктан башка эч нерсе айтпа деп, канча жолу суранышым керек?» – деди.

17 Ошондо ал: «Мен тоолордо койчусу жок чачырап жүргөн койлордой болгон ысрайылдыктарды көрүп жатам. Теңир мындай деди: “Булардын башчысы жок, ошондуктан ар бири өз үйүнө тынчтык менен кайтсын”», – деди.

18 Ошондо Ысрайыл падышасы Жошапатка: «Мага ал жакшы кабарды эмес, жаман кабарды гана айтат деп, мен сага айтпадым беле?» – деди.

19 Михей дагы мындай деди: «Теңирдин сөзүн ук: Мен Өзүнүн тактысында отурган Теңирди көрдүм. Анын жанында, оң жана сол тарабында асман кошууну туруптур.

20 Анан Теңир мындай деди: “Гилаттын Рамотуна барып өлүшү үчүн, Ахапты ким көндүрө алат?” Бирөө мындай, бирөө тигиндей айтты.

21 Ошондо бир рух чыгып, Теңирдин алдына келип: “Аны мен көндүрөм”, – деди. Теңир андан: “Кантип?” – деп сурады.

22 Ал: “Мен чыгам да, пайгамбарлардын баарынын оозуна жалган рух болуп кирем”, – деди. Теңир ага: “Сен аны көндүрөсүң, ушуну аткарасың. Бар, ушундай кыл”, – деди.

23 Мына, Теңир азыр пайгамбарларыңдын баарынын оозуна жалган рухтун киргүсүнө жол берди, бирок Теңир сен жөнүндө жакшы нерсе айткан жок».

24 Ошондо Кенаана уулу Ситкия Михейге жакын келип, аны жаакка бир чаап: «Кандайча, Теңирдин Руху сен аркылуу сүйлөш үчүн, менден кетип калдыбы?» – деди.

25 Михей: «Сен муну жашыныш үчүн бир бөлмөдөн экинчи бөлмөгө чуркап жүргөн күнү көрөсүң», – деди.

26 Ошондо Ысрайыл падышасы мындай деди: «Михейди алгыла да, шаар башчысы Амонго жана падыша уулу Жаашка алып баргыла.

27 Анан аларга: Падыша мындай дейт: “Муну зынданга салгыла да, мен тынчтык менен кайтып келгенче, жарыбаган нан, жарыбаган суу берип тамактандырып тургула”, – деди».

28 Михей: «Эгер тынчтык менен кайтып келсең, анда мен аркылуу Теңир сүйлөгөн эмес», – деди. Анан дагы: «Бүт эл, ук!» – деди.

**Ахаптын өлүшү**

29 Ысрайыл падышасы менен Жүйүт падышасы Жошапат Гилаттын Рамотуна кетишти.

30 Ысрайыл падышасы Жошапатка мындай деди: «Мен кийимимди алмаштырам да, согушка кирем, а сен өзүңдүн падыша кийимиңди кий». Ысрайыл падышасы кийимин алмаштырды да, согушка кирди.

31 Сирия падышасы майдан арабаларынын отуз эки башчысына: «Кичүүсү менен да, улуусу менен да салгылашпагыла, бир гана Ысрайыл падышасы менен салгылашкыла», – деп буйрук берди.

32 Майдан арабалардын башчылары Жошапатты көрүп: «Ысрайыл падышасы ушул», – деп ойлоп, аны менен согушууга бурулушту. Ошондо Жошапат кыйкырып жиберди.

33 Майдан арабалардын башчылары анын Ысрайыл падышасы эмес экенин көрүп, кайра бурулуп кетишти.

34 Бир адам кокусунан жаа тартып жибергенде, жебе Ысрайыл падышасынын соот кийиминин тигишинен өтүп, аны жарадар кылды. Ошондо ал өзүнүн арабакечине: «Артка тарт, мени аскерлердин ичинен алып чык, мен жарадармын», – деди.

35 Бирок ошол күнү салгылаш күчөдү. Падыша сириялыктардын каршысында майдан арабасында турду. Ал кечинде өлдү, анын жараатынын каны майдан арабага акты.

36 Күн батканда бүткүл кошуунга: «Ар кимиң өз шаарыңа кайт, ар кимиң өз жериңе кайт!» – деп жарыя кылынды.

37 Ошентип, падыша өлүп, сөөгүн Самарияга алып келишип, ошол жерге коюшту.

38 Теңирдин айткан сөзү боюнча Самария көлмөсүнө анын майдан арабасын жуушту, анын канын иттер жалашты, ал көлмөгө бузулган аялдар жуунушчу.

39 Ахаптын башка иштери, пилдин сөөгүнөн үй тургузганы, шаарларды курганы Ысрайыл падышаларынын тарых китебинде баяндалып жазылган.

40 Ошентип, Ахап ата-бабаларына кошулду, анын ордуна уулу Ахазай такка отурду.

**Жошапат – Жүйүт падышасы**

41 Асанын уулу Жошапат Жүйүткө Ысрайыл падышасы Ахаптын падышачылыгынын төртүнчү жылында падыша болду.

42 Жошапат такка отурганда, отуз беш жашта эле. Ал Иерусалимде жыйырма беш жыл падышачылык кылды. Анын энеси Шилхинин кызы Азуба болчу.

43 Ал Теңирге жаккан иштерди кылып, бардык нерседе атасы Асанын жолун жолдоду, ал жолдон чыккан жок. Бирок бийик жерлердеги бутканалар алынган жок. Эл дагы эле бийик жерлердеги бутканаларда курмандык чалып, жыпар жыттуу зат түтөтүп жатты.

44 Жошапат Ысрайыл падышасы менен тынчтык келишимин түздү.

45 Жошапаттын башка иштери, анын көрсөткөн эрдиктери жана согуш жүргүзүүсү Жүйүт падышаларынын тарых китебинде баяндалып жазылган.

46 Ал атасы Асанын убагынан калган бузулгандарды жер бетинен жок кылды.

47 Ошол кезде Эдомдо падыша жок эле, аны падыша дайындаган адам башкарган.

48 Жошапат Опирге алтынга барыш үчүн, деңизде сүзүүчү кемелерди жасады. Бирок алар Опирге жеткен жок, анткени Этсион-Геберде кыйроого учурады.

49 Ошондо Ахаптын уулу Ахазай Жошапатка: «Кемелерде менин кулдарым сенин кулдарың менен чогуу барышсын», – деди. Бирок Жошапат макул болгон жок.

50 Жошапат ата-бабаларына кошулду, анын сөөгү атасы Дөөттүн шаарына коюлду. Анын ордуна уулу Жорам такка отурду.

**Ахазай – Ысрайыл падышасы**

51 Ахаптын уулу Ахазай Жүйүттүн падышасы Жошапаттын падышачылыгынын он жетинчи жылында Ысрайылга падыша болуп, Самарияда эки жыл падышачылык кылды.

52 Ал Теңирге жакпаган иштерди кылып, атасы менен энесинин, ошондой эле Ысрайылды күнөөгө батырган Небат уулу Жаробамдын жолун жолдоду.

53 Ал Баалга кызмат кылып табынды. Атасы кылган иштердин баарын кылып, Ысрайылдын Кудай-Теңирин каардантты.

**ЭКИНЧИ ПАДЫШАЛАР КИТЕБИ**

**1-БӨЛҮМ**

**Илияс пайгамбар менен Ахазай падыша**

1 Ахап өлгөндөн кийин, Маап Ысрайылдан бөлүнүп кетти.

2 Ахазай Самариядагы өз үйүнүн үстүнкү бөлмөсүнүн терезесинин тосмосунан жыгылып, ооруп жатып калды. Ошондо ал элчилерин мындай деп жөнөттү: «Баргыла, Экрон кудайы Белзебулдан сурагыла: Мен ушул оорудан айыгамбы?»

3 Ошондо Теңирдин периштеси тишпилик Илияска мындай деди: «Тур, Самария падышасы жиберген элчилердин алдынан чыгып, аларга мындай деп айт: "Экрон кудайы Белзебулдан сураганы баргыдай, эмне, Ысрайылда Кудай жокпу?

4 Ошон үчүн Теңир: "Жаткан төшөгүңдөн турбайсың, өлөсүң", – дейт». Илияс жөнөп кетти.

5 Анан элчилер Ахазайга кайтып келишти. Ахазай алардан: «Силер эмне кайтып келдиңер?» – деп сурады.

6 Алар ага: «Алдыбыздан бир киши чыгып, бизге мындай деди: "Силерди жиберген падышаңарга кайра кайрылып барып, ага айткыла: Теңир мындай дейт: "Экрондун кудайы Белзебулдан сураганы жибергидей, эмне, Ысрайылда Кудай жокпу? Ошон үчүн сен жаткан төшөгүңдөн турбайсың, өлөсүң""», – деп жооп беришти.

7 Ошондо ал алардан: «Силердин алдыңардан чыгып, ушул сөздү айткан адамдын сырткы көрүнүшү кандай экен?» – деп сурады.

8 Алар ага: «Ал түктүү кийим кийген, белин кайыш кур менен курчаган киши экен», – деп жооп беришти. Ошондо ал: «Ал – тишпилик Илияс», – деди.

9 Анан ал ага элүү кишиси менен элүү башыны жиберди. Ал тоонун башында отурган Илияска барып: «Кудайдын кишиси, падыша сени түшсүн, – дейт», – деди.

10 Илияс элүү башыга: «Эгерде мен Кудайдын кишиси болсом, анда асмандан от түшүп, сени да, элүү кишиңди да өрттөп кетсин», – деп жооп берди. Ошондо асмандан от түшүп, аны элүү кишиси менен кошо өрттөп кетти.

11 Падыша ага башка элүү кишини элүү башы менен жөнөттү. Ал ага: «Кудайдын кишиси, падыша сени тезирээк түшсүн дейт», – деди.

12 Илияс ага: «Эгерде мен Кудайдын кишиси болсом, анда асмандан от түшүп, сени да, элүү кишиңди да өрттөп кетсин», – деп жооп берди. Ошондо асмандан Кудайдын оту түшүп, аны элүү кишиси менен кошо өрттөп кетти.

13 Үчүнчү жолу да элүү башыны элүү кишиси менен жиберди. Үчүнчү элүү башы тоого чыгып, Илиястын алдына келип, тизелеп: «Кудайдын кишиси! Менин жана ушул элүү кулуңдун жанын бааласаң экен.

14 Асмандан от түшүп, мурдагы эки элүү башыны элүүдөн кишиси менен өрттөп кетти. Бирок менин жанымды бааласаң экен!» – деп жалынды.

15 Ошондо Теңирдин периштеси Илияска: «Аны менен бирге бар, андан коркпо», – деди. Ал туруп, аны менен падышага барды.

16 Илияс ага: «Теңир мындай дейт: "Ысрайылда Кудай жок болгонсуп, Кудайдан сурабастан, элчилерди жиберип, Экрон кудайы Белзебулдан сураганың үчүн, жаткан төшөгүңдөн турбайсың, өлөсүң"», – деди.

17 Теңирдин Илияс аркылуу айткан сөзү боюнча Ахазай өлдү. Анын баласы жок болгондуктан, Жүйүт падышасы Жошапат уулу Жорамдын падышачылыгынын экинчи жылында бир тууганы Жорам такка отурду.

18 Ахазайдын башка иштери Ысрайыл падышаларынын тарых китебинде баяндалып жазылган.

**2-БӨЛҮМ**

**Илиястын асманга алынышы**

1 Теңир Илиясты асманга куюн менен көтөрүп кеткиси келди. Ошол учурда Илияс Элиша менен Гилгалдан келе жаткан.

2 Илияс Элишага: «Бул жерде кал, анткени Теңир мени Бейтелге жиберип жатат», – деди. Бирок Элиша: «Теңир тирүү, сен да тирүүсүң! Сени таштабайм», – деди. Ошентип, алар Бейтелге жөнөштү.

3 Бейтелдеги пайгамбар уулдары Элишанын алдынан чыгып, ага: «Бүгүн Теңир сенин мырзаңды жогору алып кетерин билесиңби?» – дешти. Ал: «Аны мен да билем, унчукпагыла», – деди.

4 Илияс ага: «Элиша, бул жерде кал, анткени Теңир мени Жерихого жиберип жатат», – деди. Ал: «Теңир тирүү, сен да тирүүсүң! Сени таштабайм», – деди. Ошентип, алар Жерихого келишти.

5 Жериходогу пайгамбар уулдары Элишага жакын келишип: «Бүгүн Теңир сенин мырзаңды жогору алып кетерин билесиңби?» – дешти. Ал: «Аны мен да билем, унчукпагыла», – деди.

6 Илияс ага: «Бул жерде кал, анткени Теңир мени Иорданга жиберип жатат», – деди. Ал: «Теңир тирүү, сен да тирүүсүң! Сени таштабайм», – деди. Ошентип, экөө бирге жөнөштү.

7 Пайгамбар уулдарынан элүү киши жөнөдү, алар Илияс менен Элишанын бет маңдайында, алыста турушту. Экөө Иордандын жээгинде турган эле.

8 Илияс өз чапанын алып, ороп туруп сууга чапты. Ошондо суу эки жакка тартылып, алар кургак жер менен өтүп кетишти.

9 Алар өтүп кетишкенден кийин, Илияс Элишага: «Сура, мен сенин жаныңдан алынып кетерден мурун сага эмне кылып берейин?» – деди. Элиша ага: «Сендеги рух менде эки эсе болсун», – деди.

10 Ошондо ал: «Оор нерсени сурап жатасың. Эгер сенин жаныңдан кантип алынып бара жатканымды көрсөң, анда сураганыңдай болот. Эгер көрбөсөң, болбойт», – деди.

11 Алар жолдо сүйлөшүп бара жатышканда, күтүлбөгөн жерден оттуу араба менен оттуу аттар пайда болду да, экөөнү бөлүп, Илиясты куюн менен асманга көтөрүп кетти.

12 Элиша муну көрүп: «Ата, ата, Ысрайылдын арабасы жана атчан жоокери!» – деп кыйкырды. Анан ал аны көрбөй калды. Өзүнүн кийимин кармап туруп, экиге бөлүп айрып салды.

13 Илиястын жерге түшүп калган чапанын алып, артты көздөй жөнөп, Иордандын жээгине келип турду.

14 Анан ал Илиястын жерге түшүп калган чапанын сууга чаап: «Илиястын Кудай-Теңири кайда?» – деди. Ошондо суу эки жакка тартылып, Элиша өтүп кетти.

15 Жериходогу пайгамбар уулдары аны алыстан көрүп: «Илиястын руху Элишага түштү», – дешти. Аны алдынан тосуп чыгышып, жерге чейин ийилип таазим этишти.

16 Анан ага мындай деп айтышты: «Кулдарыңдын элүү күчтүү кишиси бар. Алар барып, мырзаңды издеп келишсин. Балким, аны Теңирдин Руху алып кетип, бир тоого же бир өрөөнгө таштап койгондур?» Бирок ал: «Жибербей эле койгула», – деди.

17 Бирок алар кайра-кайра айтып, аны жадатышкандыктан, ал: «Жибергиле», – деди. Ошондо алар элүү кишини жиберишти, алар аны үч күн издеп таппай коюшту.

18 Алар Жериходо калган Элишага кайтып келишкенде, ал: «Мен силерге: "Барбагыла", – деп айтпадым беле?» – деди.

**Элиша пайгамбар көрсөткөн кереметтер**

19 Шаардын тургундары Элишага: «Мырзабыз өзү көрүп тургандай, бул шаар жакшы жерге жайгашкан, бирок суусу жаман, жери түшүм бербейт», – дешти.

20 Ал: «Жаңы чөйчөккө туз салып, мага алып келгиле», – деди. Ага ошентип беришти.

21 Ал суунун башатына барып, ага тузду чачып: «Теңир мындай дейт: "Мен бул сууну тазарттым, мындан ары бул суу өлүмдүн да, түшүмсүздүктүн да себепкери болбойт"», – деди.

22 Элишанын сөзү боюнча суу таза болуп калды. Ушул күнгө чейин ошондой.

23 Ал жерден ал Бейтелге кетти. Жолдо бара жатканда, шаардан кичинекей балдар чыгып, аны: «Кашка баш, кет! Кет, кашка баш!» – деп шылдыңдашты.

24 Ал артына кылчайып, аларды карап, Теңирдин атынан каргады. Ошондо токойдон эки ургаачы аюу чыгып, алардын ичинен кырк эки баланы жарып салды.

25 Ал жерден ал Кармел тоосуна жөнөдү, ал жактан Самарияга кайтып келди.

**3-БӨЛҮМ**

**Ысрайыл менен Жүйүттүн Маап менен согушушу**

1 Жүйүт падышасы Жошапаттын падышачылыгынын он сегизинчи жылында Ахап уулу Жорам Ысрайылга падыша болуп, Самарияда он эки жыл падышачылык кылды.

2 Ал Теңирге жакпаган иштерди кылды, бирок атасы менен энесинчелик кылган жок. Ал атасы жасаган Баалдын айкелин алып салды.

3 Бирок ысрайылдыктарды күнөөгө батырган Небат уулу Жаробамдын күнөөлөрүн кайталап, алардан баш тарткан жок.

4 Маап падышасы Мейша малга бай эле. Ал Ысрайыл падышасына жыл сайын жүз миң кыркылбаган кой жана жүз миң кыркылбаган кочкор жиберип турчу.

5 Бирок Ахап өлгөндөн кийин, Маап падышасы Ысрайыл падышасынан бөлүнүп кетти.

6 Ошол убакта Жорам падыша Самариядан чыгып, ысрайылдыктардын баарын карап чыкты.

7 Жүйүт падышасы Жошапатка киши жиберип: «Маап падышасы менден бөлүнүп кетти, Маапка каршы согушууга мени менен барасыңбы?» – деп айттырды. Ал: «Барам, сен кандай болсоң, мен да ошондоймун, сенин элиң кандай болсо, менин элим да ошондой, сенин аттарың кандай болсо, менин аттарым да ошондой», – деди.

8 Анан: «Кайсы жол менен барышыбыз керек?» – деп сурады. Тиги: «Эдом чөлү аркылуу», – деди.

9 Ошондо Ысрайылдын, Жүйүттүн, Эдомдун падышалары жөнөштү. Алар айланып баруучу жол менен жети күн жүрүштү, алардын артындагы аскерлерине да, малына да ичкенге суу жок эле.

10 Ошондо Ысрайыл падышасы: «Теңир бул үч падышаны мааптыктардын колуна салып бергени чакырган турбайбы!» – деди.

11 Бирок Жошапат: «Бул жерде Теңирдин пайгамбары барбы? Ал аркылуу Теңирдин эркин сурайт элек», – деди. Ысрайыл падышасынын бир кызматчысы мындай деп жооп берди: «Бул жерде Шапаттын уулу Элиша бар, ал Илиястын колуна суу куюп берчү».

12 Жошапат: «Анда Теңирдин сөзү бар», – деди. Ошондо Ысрайыл падышасы, Жошапат жана Эдом падышасы ага барышты.

13 Элиша Ысрайыл падышасына: «Менден сага эмне керек? Атаң менен энеңдин пайгамбарларына бар», – деди. Ысрайыл падышасы ага: «Жок, андай дебе, анткени Теңир бул үч падышаны бул жерге Мааптын колуна салып берүү үчүн чакырды», – деди.

14 Элиша ага: «Мен алдында турган Себайот Теңир тирүү! Эгерде мен Жүйүт падышасы Жошапатты сыйлабасам, анда сага көңүл буруп да, карап да коймок эмесмин.

15 Эми мага гусли черткен адамды чакыргыла», – деди. Ал гусли чертип жатканда, Теңирдин колу Элишанын үстүндө болду.

16 Анан ал мындай деди: «Теңир мындай дейт: “Ушул өрөөнгө аңгек артынан аңгек казгыла”.

17 Анткени Теңир мындай дейт: “Шамалды да, жаанды да көрбөйсүңөр, бирок бул өрөөнгө суу толуп, андан өзүңөр да, майда жана бодо малыңар да ичет”.

18 Бирок Теңирдин алдында бул да аздык кылат. Ал силердин колуңарга мааптыктарды да салып берет.

19 Ошондо силер алардын бардык чептүү шаарлары менен башкы шаарларын талкалайсыңар, бардык мыкты дарактарын кыйып, бардык суу башаттарын бөгөйсүңөр жана бардык мыкты талаа аянттарына таш ыргытып бузасыңар».

20 Эртең менен нан курмандыгын тартуулап жаткан учурда, күтүлбөгөн жерден Эдом тараптан суу келип, жер сууга толуп кетти.

21 Маaптыктар падышалардын согушканы келе жатышканын угушканда, кур курчанганынан чоңуна чейин, баары чогулуп, чек арада турушту.

22 Алар эртең менен эрте турушту. Күн суу үстүнө жарыгын төккөндө, маaптыктарга суу алыстан кан сымал кыпкызыл болуп көрүндү.

23 Ошондо алар: «Бул – кан. Падышалар өз ара согушуп, бири-бирин кырып салышкан турбайбы. Маап, эми олжого!» – дешти.

24 Ошентип, алар Ысрайыл кошуунуна келишти. Ошондо ысрайылдыктар көтөрүлүп, маaптыктарга сокку урушту, маaптыктар ысрайылдыктардан качышты. Ысрайылдыктар болсо маaптыктарды кыйратып жүрүп отурушту.

25 Алар шаарларды талкалашты, талаанын жакшы жерлеринин баарына ар бири бирден таш ыргытып, таш толтуруп салышты. Суу башаттарынын бардыгын бөгөштү, бардык жакшы дарактарын кыйып салышты, таш дубалдуу Кир-Харесет гана калды. Аны да салмоорчулар тегеректеп, бузуп салышты.

26 Маап падышасы өзүнүн согушта жеңиле баштаганын көрүп, Эдом падышасына жарып өтүп барыш үчүн, жанына кылыч чапканды билген жети жүз кишини алды, бирок өтө алган жок.

27 Ошондо ал өзүнүн ордуна падыша боло турган тун уулун алып, аны дубалдын үстүндө бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка чалды. Алар ысрайылдыктарды абдан ачуулантышты. Ошондо ысрайылдыктар маaптыктар менен согушканын токтотушуп, өз жерине кайтышты.

**4-БӨЛҮМ**

**Элиша менен жакыр жесир аял**

1 Пайгамбар уулдарынын биринин аялы боздоп, Элишага мындай деди: «Сенин кулуң, менин күйөөм, өлүп калды. Сен болсо кулуңдун Теңирден корккон адам болгонун билесиң. Бизге карыз берген адам келип, эки баламды өзүнө кулдукка алып кеткени жатат».

2 Элиша ага: «Сага эмне кылышым керек? Айтчы, үйүңдө эмнең бар?» – деди. Ал: «Күңүңдүн үйүндө кумурадагы зайтун майынан башка эч нерсеси жок», – деди.

3 Ошондо ал мындай деди: «Барып, тегерегиңдеги бардык кошуналарыңдын бош идиштерин сурап кел, көп идиш чогулт.

4 Анан уулдарың менен үйүңө кир да, эшигиңди бекитип алып, ошол идиштердин баарына май куюп, ары алып коё бер».

5 Аял барды да, уулдары менен үйүнө кирип, эшигин бекитти. Алар идиштерди алып берип турушту, өзү болсо май куюп жатты.

6 Идиштерге май толгондо, ал уулуна: «Мага дагы идиш берчи», – деди. Уулу ага: «Башка идиш жок», – деди. Ошондо май да токтоду.

7 Аял келип, муну Кудайдын кишисине айтып берди. Ал ага: «Бар, майды сатып, карыздарыңды төлөп бер. Калганына балдарың менен жан бак», – деди.

**Элиша жана Шунемдеги бай аял**

8 Бир күнү Элиша Шунемге келди. Ал жерде жашаган бир бай аял жалынып-жалбарып, аны өзүнүкүнөн тамак ичкенге көндүрдү. Элиша ал жерден өткөн сайын, аныкына кирип, дайыма тамак ичип жүрдү.

9 Аял күйөөсүнө: «Биздин үйүбүздүн жанынан өткөн киши Кудайдын ыйык кишиси экенин билдим.

10 Үйдүн үстүнө чакан бөлмө куруп, ага төшөк, үстөл, отургуч, чырак коюп берели. Ал биздикине келгенде, ошол жакка кирсин», – деди.

11 Ал бир күнү алардыкына келип, ошол бөлмөгө кирип жатты.

12 Анан ал кызматчысы Гейхазиге: «Шунемдик аялды чакыр», – деди. Ал аялды чакырды, аял Элишанын алдына келди.

13 Анан кызматчысына: «Аялга айт: "Сен биз үчүн аябай кам көрүп жатасың, сага эмне кылып берели? Сен жөнүндө падыша же аскер башы менен сүйлөшүш керекпи?"» – деди. Аял: «Жок, мен өз элимдин арасында жашап жатам», – деди.

14 Ал: «Аялга эмне кылсам?» – деди. Ошондо Гейхази: «Анын баласы жок, күйөөсү болсо кары», – деди.

15 Ал: «Чакырчы аны», – деди. Гейхази аялды чакырды, аял босогого келип турду.

16 Ошондо ал: «Бир жылдан кийин, так ушул убакта уулдуу болосуң», – деди. Аял ага: «Жок, мырзам, Кудайдын кишиси, күңүңдү алдаба», – деди.

17 Аялдын боюна бүтүп, кийинки жылы, Элиша айткан убакта уул төрөдү.

18 Бала чоңоюп, бир күнү атасына, орокчуларга барды.

19 Ал атасына: «Башым! Башым ооруп жатат!» – деди. Ал кызматчысына: «Муну энесине алып бар», – деди.

20 Ал аны көтөрүп, энесине алып келди. Ал энесинин тизесинде түшкө чейин отуруп, өлүп калды.

21 Энеси аны Кудайдын кишисинин төшөгүнө алып келип жаткырып, эшикти бекитип, сыртка чыкты.

22 Анан күйөөсүн чакырып: «Мага бир кызматчыны жана бир ургаачы эшекти жибер. Мен Кудайдын кишисине барып келем», – деди.

23 Ал: «Ага эмнеге барасың? Бүгүн ай да жаңыра элек, ишемби да эмес», – деди. Бирок аял: «Эч нерсе эмес, бардыгы жакшы болот», – деди.

24 Анан ал ургаачы эшекти токуп, өз кызматчысына: «Жетелеп бас. Мен айтмайынча токтобо», – деди.

25 Ошентип, ал жолго чыкты. Кудайдын кишисине, Кармел тоосуна келди. Кудайдын кишиси аны алыстан көрүп, кызматчысы Гейхазиге мындай деди: «Бул – баягы шунемдик аял.

26 Алдынан чуркап чыгып: "Аман-эсен жүрөсүңбү? Күйөөң менен балаң аман-эсенби?" – деп сура». Аял: «Аман-эсенбиз», – деп жооп берди.

27 Анан ал тоого, Кудайдын кишисине келип, анын бутун кучактап калды. Гейхази аялды анын жанынан алып кетмекчи болду, бирок Кудайдын кишиси: «Тим кой. Мунун кайгысы бар, Теңир мага айтпай, жашырып койгон тура», – деди.

28 Аял: «Мен мырзамдан бала сурадым беле? “Мени алдаба”, – деп айткан жок белем?» – деди.

29 Ошондо Элиша Гейхазиге: «Белиңди курчап, колуңа менин таягымды алып, жөнө. Эгер алдыңан киши кезиксе, саламдашпа, бирөө салам берсе, алик алба. Баланын бетине менин таягымды кой», – деди.

30 Баланын энеси: «Теңир тирүү, сенин жаның да тирүү! Мен сенсиз кетпейм», – деди. Элиша туруп, анын артынан жөнөдү.

31 Гейхази алардан мурун барып, баланын бетине таякты койду. Бирок үн да, жооп да болбоду. Анан Элишанын алдынан чыгып: «Бала ойгонбой жатат», – деп билдирди.

32 Элиша үйгө кирсе, төшөгүндө өлгөн бала жатыптыр.

33 Ал кирип, эшикти бекитип, Теңирге сыйынды.

34 Анан туруп, баланын үстүнө жатты. Оозуна оозун, көзүнө көзүн, алаканына алаканын тийгизип, буту-колун сунуп жатты, ошондо баланын денеси жылыды.

35 Анан туруп, бөлмөдө ары-бери басты. Анан кайра туруп, анын үстүнө буту-колун сунуп жатты. Ошондо бала жети жолу чүчкүрүп, көзүн ачты.

36 Элиша Гейхазини чакырып: «Шунемдик аялды чакыр», – деди. Ал аны чакырды. Аял киргенде, ал: «Уулуңду ал», – деди.

37 Аял жакын келип, анын бутуна жыгылып, жерге чейин ийилип таазим кылды. Анан уулун көтөрүп кетти.

**Элишанын Гилгалда көрсөткөн кереметтери**

38 Элиша болсо Гилгалга кайтты. Ал жерде ачарчылык болду. Пайгамбар уулдары анын алдында отурушту. Ал кызматчысына: «Казан асып, пайгамбар уулдарына сорпо бышыр», – деди.

39 Алардын бири талаага жашылча тергени чыгып, чырмалып өскөн жапайы өсүмдүктү таап алып, анын жемишинен этегине толтура терип алды. Анан ал келип, аларды туурап, казандагы сорпого салды. Алар мунун кандай жемиш экенин билишчү эмес.

40 Анан аларга сорпо куюп беришти. Бирок алар сорпону ооз тийишери менен: «Кудайдын кишиси, казанда өлүм!» – деп кыйкырып жиберишти. Ошентип, алар иче албай коюшту.

41 Ошондо Элиша: «Ун бергиле», – деди. Ал аны казанга сээп, Гейхазиге: «Элге куюп бер, ичишсин», – деди. Ошондо казандагы зыяндуу нерсе жок болуп калды.

42 Баал-Шалиштен бир киши келип, Кудайдын кишисине түшүмдүн алгачкы данынан: жыйырма арпа нан жана кабыгы сыйрылбаган, быша элек дан алып келип берди. Элиша: «Элге бер, жешсин», – деди.

43 Анын кызматчысы: «Ушунун эмнесин жүз кишиге берем?» – деди. Ал: «Элге бер, жешсин, анткени Теңир мындай дейт: “Курсактары тоёт, артып да калат”», – деди.

44 Ал аларга таратып берди, Теңирдин сөзү боюнча алар жеп тоюшту, артып да калды.

**5-БӨЛҮМ**

**Наамандын айыгышы**

1 Сирия падышасынын аскер башчысы Нааман өз мырзасынын кадырлуу жана мыкты деп эсептелген адамы эле, себеби сириялыктарга жеңишти Теңир ошол аркылуу берген. Ал киши мыкты жоокер болчу, бирок пес оорулуу эле.

2 Сириялыктар бир жолу жоокерлери менен барып, Ысрайыл жеринен бир кичинекей кызды туткундап келишкен, ал Наамандын аялына кызмат кылчу.

3 Ал өзүнүн мырзайымына: «Эгерде мырзам Самариядагы пайгамбарга барып келсе, анда ал аны пес оорусунан айыктырат эле!» – деди.

4 Ошондо Нааман өз мырзасына барып: «Жанагы Ысрайыл жеринен келген кыз ушундай-ушундай деп айтып жатат», – деди.

5 Сирия падышасы Нааманга: «Барып кел, мен Ысрайыл падышасына кат жиберем», – деди. Ал жанына он талант күмүш, алты миң шекел алтын жана он сыйра кийим алып, жөнөп кетти.

6 Ал Ысрайыл падышасына катты алып келди. Ал катта мындай деп жазылган эле: «Мен ушул кат менен бирге кызматчым Нааманды сага жиберип жатам, сен аны пес оорусунан айыктыр».

7 Ысрайыл падышасы катты окуганда, өз кийимин айрып: «“Пес оорусунан айыктыр”, – деп, мага жибергидей, өлтүргүдөй же тирилткидей, мен, эмне, Кудаймынбы? Мына көрдүңөрбү, ал мени менен касташуу үчүн шылтоо издеп жатат», – деди.

8 Кудайдын кишиси Элиша Ысрайыл падышасынын өз кийимин айрыганын угуп, падышага: «Сен эмне үчүн өз кийимиңди айрыдың? Ал мага келсин, Ысрайылда пайгамбар бар экенин билсин», – деп айттырып жиберди.

9 Ошондо ал өзүнүн аттары жана майдан арабалары менен келип, Элишанын үйүнүн алдына токтоду.

10 Элиша ага кызматчысынан: «Барып, Иорданга жети жолу жуунгун, ошондо сенин денең айыгып, таза болосуң», – деп айттырып жиберди.

11 Наамандын ачуусу келип: «Ал мага өзү келип, өз Кудай-Теңиринин ысымын чакырып, колун ооруган жериме коюп, пес оорусунан айыктырат деп ойлогом.

12 Дамасктын Абана жана Парпар дарыялары Ысрайылдын сууларынан артык эмеспи? Эмне, мен ошолорго түшүп жуунсам, тазаланбаймынбы?» – деди. Ошентип, ал бурулду да, ачууланган бойдон жөнөп кетти.

13 Ошондо анын кулдары жанына келип: «Атабыз, эгер пайгамбар сага бир чоң ишти айтса, сен аны кылмаксың да. Эми анын жөн гана: “Жуунгун, ошондо таза болосуң”, – деген сөзүн аткарбай коёсуңбу?» – дешти.

14 Ал барып, Кудайдын кишисинин сөзү боюнча Иорданга жети жолу чөмүлдү, ошондо анын денеси айыгып, жаш баланын денесиндей таптаза болуп калды.

15 Ал өзүнүн коштоп жүргөн кишилери менен Кудайдын кишисине кайтып келип, анын алдына туруп: «Ысрайылдан башка жерде Кудай жок экенин мен эми билдим. Ошондуктан кулуңдун белегин кабыл ал», – деди.

16 Элиша: «Мен алдында турган Теңир тирүү! Белегиңди албайм», – деди. Тигил: «Ал», – деп суранды, бирок ал макул болбой койду.

17 Ошондо Нааман мындай деди: «Анда кулуңа эки качыр көтөрө алгыдай топурак берилсин, анткени кулуң ушул күндөн тартып, Теңирден бөлөк кудайларга бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктарды жана башка курмандыктарды чалбайт.

18 Бирок Теңир кулуңа мындай учурда кечирим кылсын: менин төрөм Римон үйүнө табынганы барганда, менин колума таянат, ошондо мен Римон үйүндө табынам, ушундай учурда Римон үйүндө табынганым үчүн, Теңир кулуңду кечирсин».

19 Ошондо ал ага: «Тынчтык менен бара бер!» – деди. Ал андан бир аз узап кеткенден кийин,

20 Кудайдын кишиси Элишанын кызматчысы Гейхази ичинен мындай деп ойлоду: «Мырзам сириялык Нааман алып келген белектерди албай койду. Теңир тирүү! Анын артынан чуркап барайын да, андан бир нерсе алайын».

21 Ошентип, Гейхази Наамандын артынан кетти. Нааман артынан чуркап келе жаткан кишини көрүп, майдан арабасынан түшүп, аны утурлап чыгып: «Баары жайындабы?» – деп сурады.

22 Ал: «Баары жайында, бирок мырзам мени сага мындай деп жөнөттү: “Мага азыр Эпрайым тоосунан, пайгамбар уулдарынан эки жаш жигит келди. Аларга бир талант күмүш жана эки сыйра кийим бер”», – деди.

23 Ошондо Нааман: «Ал, эки талант ал», – деди. Аны көндүрүп, эки талант күмүштү, эки сыйра кийимди эки капка салып, өзүнүн эки кызматчысына берди. Алар көтөрүп алып, тигинин алдына түшүштү.

24 Гейхази дөбөгө жеткенде, буюмдарды кулдардын колунан алып, үйүнө катып койду. Аларды коё берди, алар кетишти.

25 Гейхази келип, өз мырзасына көрүнгөндө, Элиша ага: «Гейхази, кайда барып келдиң?» – деди. Ал: «Сенин кулуң эч жакка барган жок», – деп жооп берди.

26 Элиша ага: «Эмне, жанагы киши майдан арабасынан түшүп, сени утурлап чыкканда, жүрөгүм сенин жаныңда эмес беле? Азыр күмүш, кийим, зайтун бак, жүзүмзар, майда жана бодо мал, күң жана кул ала турган убакпы?

27 Наамандын пес оорусу сенден жана сенин тукумуңдан түбөлүккө кетпесин», – деди. Ошондо Гейхази пес оорусуна чалдыгып, Элишаныкынан кардай аппак болуп чыкты.

**6-БӨЛҮМ**

**Элишанын сууга түшүп кеткен балтаны алып чыгышы**

1 Пайгамбар уулдары Элишага мындай деп айтышты: «Сенин жаныңдагы биз жашап жаткан жер бизге тардык кылат.

2 Иорданга баралы, ал жерден ар бирибиз бирден устун алалы да, ал жерге өзүбүзгө жашаганга жай куралы». Ал: «Баргыла», – деди.

3 Алардын бири: «Ырайым этип, кулдарың менен сен да бар», – деди. Ал: «Макул, барайын», – деди.

4 Ошентип, ал алар менен бирге кетти. Алар Иорданга келип, бак кыя башташты.

5 Бирөө бак кулатып жатканда, балтасы сууга түшүп кетти. Ошондо ал: «Ий, мырзам! Бул убактылуу пайдаланууга алынган балта эле», – деп кыйкырып жиберди.

6 Кудайдын кишиси: «Ал кайсы жерге түштү?» – деп сурады. Ал ага балта түшкөн жерди көрсөттү. Элиша бактан бир бутак кыйып алып, сууга таштады, ошондо балта калкып чыкты.

7 Анан ал ага: «Балтаны ал», – деди. Тигил колун сунуп, балтаны алды.

**Теңирдин сириялыктарды сокур кылышы**

8 Сирия падышасы ысрайылдыктар менен согушууга жөнөп жатып, өз кызматчылары менен кеңешип: «Мен өз кошуунумду мындай-мындай жерге жайланыштырам», – деди.

9 Кудайдын кишиси Ысрайыл падышасына: «Ушундай жерден өтүүдөн сак бол, анткени ал жерде сириялыктар жашынып жатышат», – деп айттырып жиберди.

10 Ысрайыл падышасы Кудайдын кишиси айтып эскерткен жанагы жерге бир нече ирет киши жиберди. Ошентип, ал ошол жерге баруудан сактанды.

11 Ушундан улам Сирия падышасынын тынчы кетип, өз кулдарын чакырып, аларга: «Арабыздан кимдин Ысрайыл падышасы менен байланышы бар, айткылачы мага?» – деди.

12 Кызматчыларынын бири: «Мырзам падыша, андай эч ким жок. Ысрайылдагы Элиша пайгамбар сенин уктоочу бөлмөңдө айткан сөздөрүңдү да Ысрайыл падышасына айтып берет», – деди.

13 Ошондо ал: «Барып, анын кайда экенин билип келгиле. Киши жиберип, мен аны алдырып келем», – деди. Ага: «Азыр ал Дотанда», – деп билдиришти.

14 Ал ошол жерге аттарды, майдан арабаларды жана көп аскерлерди жөнөттү. Алар түнү менен келишип, шаарды курчоого алышты.

15 Кудайдын кишисинин кызматчысы эртең менен туруп, тышка чыкса, аскерлер, аттар жана майдан арабалар шаарды курчап алышыптыр. Ошондо кызматчысы ага: «Мырзам, эми эмне кылабыз?!» – деди.

16 Ал: «Коркпо, анткени биздикилер тигилердикинен көп», – деди.

17 Элиша Кудайга: «Теңир! Мунун көзүн ач, көрсүн», – деп сыйынды. Теңир анын кызматчысынын көзүн ачты. Ошондо ал Элишаны курчаган тоодон жер жайнаган оттуу аттар менен майдан арабаларды көрдү.

18 Сириялыктар Элишага жакындап келген кезде, ал Теңирге: «Аларды сокур кылып сал», – деп сыйынды. Элишанын сөзү боюнча Теңир аларды сокур кылып салды.

19 Элиша аларга: «Бул силер түшүүчү жол эмес, силер баруучу шаар эмес. Менин артымдан ээрчигиле, мен силерди издеп жүргөн кишиңерге алып барам», – деди. Элиша аларды Самарияга алып келди.

20 Алар Самарияга келишкенде, Элиша: «Теңир! Булардын көзүн ач, көрүшсүн», – деди. Теңир алардын көзүн ачканда, алар өздөрүнүн Самариянын ортосунда турушканын көрүштү.

21 Буларды көрүп, Ысрайыл падышасы Элишадан: «Ата, буларды өлтүрөйүнбү?» – деп сурады.

22 Ал: «Өлтүрбө. Өлтүргүдөй, сен буларды кылыч шилтеп, жаа тартып, туткундап келдиң беле? Булардын алдына нан, суу кой. Ичип-жешсин да, өз падышасына барышсын», – деди.

23 Ошентип, аларга мол тамак даярдалды, алар ичип-жешти. Анан аларды коё берди, алар өз падышасына кетишти. Ошондон кийин сириялык бул аскер тобу Ысрайыл жерине келген жок.

**Самариянын курчоого алынышы**

24 Андан кийин Сирия падышасы Бенадат өзүнүн бүткүл аскерин чогултуп, Самарияны курчап алды.

25 Алар Самарияны курчап алган убакта ал жерде чоң ачарчылык болуп, эшектин башы сексен күмүш шекелден, көгүчкөндүн кыгынын төрттөн бир кабы беш күмүш шекелден сатылып жаткан.

26 Бир жолу Ысрайыл падышасы дубалдын үстүндө бара жатса, бир аял ага: «Мырзам падыша, жардам кыл», – деп жалбарды.

27 Падыша ага: «Эгер сага Теңир жардам бербесе, мен эмне кылып жардам бермек элем? Кырманда дан жок, жүзүм сыгылуучу жайда шарап жок», – деди.

28 Падыша андан: «Сага эмне керек?» – деп сурады. Аял: «Бул аял мага: “Балаңды бер, биз аны бүгүн жейли, менин баламды болсо эртең жейбиз”, – деген.

29 Ошентип, менин уулумду бышырып жедик. Эртеси күнү мен ага: “Эми балаңды сен бер, аны жейли”, – дедим. Бирок ал уулун катып койду», – деди.

30 Аялдын сөзүн укканда, падыша өз кийимин айрып жиберди. Ал дубал менен өтүп бара жатканда, эл анын жылаңач денесине зумбал кийип алганын көрдү.

31 Падыша: «Эгер бүгүн Шапат уулу Элишанын башы ийнинде кала турган болсо, Кудай мени жазаласын, катуу жазаласын», – деди.

32 Элиша болсо өз үйүндө отурган, аныкында аксакалдар да отурушкан. Падыша өз атынан киши жиберди. Өзүнө жиберилген адам келерден мурун ал аксакалдарга мындай деди: «Бул киши өлтүргүчтүн уулу менин башымды алдырганы киши жибергенин көрдүңөрбү? Жиберилген адам келгенде, эшикти бекитип, ачпай койгула. Мына, анын артынан келе жаткан мырзасынын да дүбүртү угулуп жатат!»

33 Элиша алар менен сүйлөшүп бүтө электе, жиберилген адам келип: «Теңир башыбызга мына ушундай мүшкүл салды! Теңирден эми эмнени күтсөм болот?» – деди.

**7-БӨЛҮМ**

1 Элиша: «Теңирдин сөзүн уккула, Теңир мындай дейт: “Эртең ушул убакта Самария дарбазасынын алдында бир ченем эң жакшы ундун баасы бир шекелден, эки ченем арпанын баасы бир шекелден болот”», – деди.

2 Колуна падыша таянган төрө Кудайдын кишисине: «Теңир асман терезелерин ачса да, ошондой болмок беле?» – деди. Элиша ага: «Ошондой болгонун өз көзүң менен көрөсүң, бирок сен андан жебейсиң», – деди.

**Сириялык аскерлердин качышы**

3 Дарбазанын кире беришинде пес оорулуу төрт киши отурган. Алар бири-бирине: «Өлүмдү күтүп, ушул жерде отура беребизби?

4 Шаарга барсак деле өлөбүз, анткени шаарда ачарчылык болуп жатат. Бул жерде отура берсек да өлөбүз. Андан көрө сириялыктардын кошуунуна барганыбыз жакшы. Бизди тирүү калтырышса, жашайбыз; өлтүрүшсө, өлөбүз», – дешти.

5 Күүгүм киргенде алар сириялыктардын кошуунуна жөнөштү. Алар сириялыктардын кошуунунун четине келишсе, ал жерде бир да киши жок экен.

6 Теңир мындай кылган эле: сириялыктардын кошуунуна майдан арабалардын дүңгүрөгөнү, аттардын кишенегени, көптөгөн аскерлердин чуусу угулду. Ошондо алар бири-бирине: «Чын эле, Ысрайыл падышасы бизге кол салыш үчүн, мисирликтер менен хеттиктердин падышаларын жалдаса керек», – деп,

7 күүгүм киргенде алар чатырларын, аттарын, эшектерин, бүт кошуунун, ал кандай болсо, ошол бойдон таштап, жандарын гана сактап качып кетишти.

8 Жанагы пес оорулуулар кошуундун четине келип, бир чатырга кирип, ичип-жешти да, андан күмүштөрдү, алтындарды, кийимдерди алышты да, барып, катып коюшту. Башка чатырга да кирип, андан да алышты да, барып, катып коюшту.

9 Анан алар бири-бирине: «Биз туура эмес кылып жатабыз. Бул күн – кубанычтуу кабардын күнү. Эгер биз муну айтпай, жарык киргенче күтө турган болсок, анда айыпка жыгылабыз. Барып, падыша үйүнө билдирели», – деп айтышты.

10 Алар барып, шаар дарбазачыларын чакырып, аларга: «Биз сириялыктардын кошуунуна барсак, ал жерде бир да киши жок экен, адамдын үнү да угулбайт. Байланган аттар, байланган эшектер гана калыптыр, чатырлар кандай болсо, ошондой боюнча туруптур», – деп айтып беришти.

11 Дарбазачылар бул кабарды падыша сарайындагыларга айтып барышты.

12 Падыша түн ичинде туруп, өзүнүн кызматчыларына: «Мен силерге сириялыктардын бизге эмне кылганы жатышканын айтайын. Алар бизде ачкачылык болуп жатканын билишет, ошондуктан: “Алар шаардан чыкканда, биз аларды тирүү кармап, шаарды басып киребиз”, – деп ойлоп, кошуундан чыгып, талаага жашынып калышты», – деди.

13 Ошондо анын кызматчыларынын бири: «Шаарда калган беш атты алып, кишилерибизди жиберип көрөлү (Ысрайылдын кырылып калган атчан аскерлеринин кошуунунан калганы ошол гана болчу)», – деди.

14 Эки майдан арабага түгөйү менен чегилген аттарды алышты. Падыша аларды: «Барып, көрүп келгиле», – деп, сириялыктардын аскеринин артынан жиберди.

15 Алардын артынан Иорданга чейин жол жүрүштү. Жолдо сириялыктар шашылыш качып бара жатканда таштап кеткен кийимдери менен буюмдары жайнап жатыптыр. Жиберилгендер кайра кайтып келип, падышага билдиришти.

16 Эл жапырт чыгып, сириялыктардын кошуунун талап-тоноп алды. Теңирдин сөзү боюнча бир ченем эң жакшы ундун баасы бир шекелден, эки ченем арпанын баасы да бир шекелден болду.

17 Анан падыша колуна таянган төрөнү дарбазанын жанына койду. Эл аны дарбазанын жанында тебелеп салды. Ал өлдү, падыша Кудайдын кишисине келгенде, Кудайдын кишиси ага кандай айтса, ошондой болду.

18 Ошондо Кудайдын кишиси падышага: «Эртең ушул убакта Самариянын дарбазасынын алдында бир ченем эң жакшы ундун жана эки ченем арпанын баасы бир шекелден болот», – деген.

19 Ошондо ушул төрө Кудайдын кишисине: «Теңир асман терезелерин ачса да, ошондой болмок беле?» – деген эле. Кудайдын кишиси болсо ага: «Ошондой болгонун өз көзүң менен көрөсүң, бирок сен андан жебейсиң», – деген.

20 Ага кандай айтылса, ошондой болду. Эл аны дарбазанын алдында тепсеп салды, ал өлдү.

**8-БӨЛҮМ**

**Шунемдик аялга талаасын кайра алып берүү**

1 Элиша уулун тирилткен баягы аялга: «Тур, үй-бүлөң менен жолго чык, кайсы жерде жашай ала турган болсоң, ошол жерде жаша, анткени Теңир ачарчылык чакырды, бул жерде жети жыл ачарчылык болот», – деди.

2 Тиги аял туруп, Кудайдын кишиси айткандай кылды. Ал үй-бүлөсү менен Пелишти жерине барып, ал жерде жети жыл жашады.

3 Жети жыл өткөндөн кийин ал аял Пелишти жеринен кайтып келип, өз үйүн, өз жерин кайра сурап алуу үчүн падышага келди.

4 Ошол учурда падыша Кудайдын кишисинин кызматчысы Гейхази менен сүйлөшүп отурган. Падыша ага: «Мага Элиша кылган жакшы иштердин баарын айтып берчи», – деди.

5 Ал Элишанын өлгөндү тирилткенин падышага айтып жатканда, Элиша тирилткен баланын энеси падышадан өз үйүн, өз жерин сурады. Ошондо Гейхази: «Мырза падыша, бул – ошол аял, бул – анын Элиша тирилткен уулу», – деди.

6 Падыша аялдан сурады, аял ага айтып берди. Падыша ага сарай кызматчыларынын бирин кошуп берип: «Ага таандык болгондун баарын жана өз өлкөсүн таштап кеткен күндөн ушул күнгө чейинки талаасынан түшкөн киресисинин баарын бүт кайрып бергиле», – деди.

**Элиша жана Хазаел**

7 Сирия падышасы Бенадат ооруп жатканда, Элиша Дамаскка келди. Бенадатка: «Кудайдын кишиси бул жерге келди», – деп билдиришти.

8 Падыша Хазаелге: «Колуңа тартуу алып, Кудайдын кишисинин алдынан чыгып, андан Теңирдин эркин сура: “Мен ушул оорудан айыгамбы?”» – деди.

9 Хазаел анын алдынан тосуп чыгууга кетти. Тартууну – Дамасктын баалуу нерселерин кырк төөгө жүктөп алып, анын алдына келип: «Сенин уулуң, Сирия падышасы Бенадат мени сага жөнөттү, ал: “Мен ушул оорудан айыгамбы?” – деп сурап жатат», – деди.

10 Элиша ага: «Барып, ага: “Айыгасың”, – деп айт, бирок Теңир мага: “Ал өлөт”, – деди».

11 Элиша андан көзүн албай карап тура бергендиктен, ал өзүн ыңгайсыз сезди. Анан Кудайдын кишиси ыйлап жиберди.

12 Ошондо Хазаел: «Менин мырзам эмнеге ыйлап жатат?» – деп сурады. Ал: «Сенин Ысрайыл уулдарына кандай жамандык кыларыңды билем, ошон үчүн ыйлап жатам. Сен алардын чептерин өрттөйсүң, жаш уландарын кылычтап өлтүрөсүң, эмчектеги балдарын жанчып өлтүрөсүң, кош бойлуу аялдарынын курсагын жарасың», – деди.

13 Хазаел: «Мындай чоң кылмыш кылгыдай, сенин кулуң, эмне, дөбөт беле?» – деди. Элиша: «Теңир мага сенин Сирияга падыша болоруңду көрсөттү», – деди.

14 Ал Элишанын жанынан кетип, өз падышасына келди. Ал андан: «Элиша сага эмне деди?» – деп сурады. Ал ага: «Ал мага сенин айыгарыңды айтты», – деди.

15 Эртеси күнү ал жуурканды алып, аны сууга малып, Бенадаттын бетине жапты, ал өлдү. Анын ордуна Хазаел такка отурду.

**Жорам – Жүйүт падышасы**

16 Ысрайыл падышасы Ахаптын уулу Жорамдын падышачылыгынын бешинчи жылында Жүйүт падышасы Жошапаттын ордуна уулу Жорам такка отурду.

17 Ал такка отурганда, отуз эки жашта эле. Ал Иерусалимде сегиз жыл падышачылык кылды.

18 Ал Ахаптын тукуму кылган иштерди кылып, Ысрайыл падышаларынын жолу менен жүрдү, себеби Ахаптын кызы анын аялы болчу. Ал Теңирге жакпаган иштерди кылды.

19 Бирок Теңир Жүйүттү Өз кулу Дөөт үчүн жок кылгысы келбеди, анткени Ал анын тукумунун чырагы түбөлүккө жаркырап турарын убада кылган эле.

20 Анын убагында эдомдуктар Жүйүттүн кол астынан чыгып, өздөрүнө падыша коюп алышты.

21 Жорам бүт майдан арабалары менен Сайырга жөнөдү. Ал түн ичинде туруп, өзүн курчаган эдомдуктарды майдан арабаларынын башчылары менен кошо талкалады, бирок эл өз чатырларына качып кетти.

22 Ушул күнгө чейин Эдом Жүйүттүн кол астында эмес. Ошол эле убакта Либна да бөлүнүп чыкты.

23 Жорам жөнүндө, анын кылган бардык иштери жөнүндө Жүйүт падышаларынын тарых китебинде баяндалып жазылган.

**Ахазай – Жүйүт падышасы**

24 Жорам ата-бабаларына кошулду. Анын сөөгү Дөөттүн шаарына, ата-бабаларынын жанына коюлду. Анын ордуна уулу Ахазай такка отурду.

25 Ысрайыл падышасы Ахап уулу Жорамдын падышачылыгынын он экинчи жылында Жүйүт падышасы Жорамдын уулу Ахазай такка отурду.

26 Ахазай такка отурганда, жыйырма эки жашта эле. Ал Иерусалимде бир жыл падышачылык кылды. Энесинин аты – Аталея, ал Ысрайыл падышасы Омринин кызы болчу.

27 Ал да Ахаптын тукумунун жолу менен жүрүп, Ахаптын тукумуна окшоп, Теңирге жакпаган иштерди кылды, анткени ал Ахаптын тукуму менен тууган эле.

28 Ал Ахаптын уулу Жорам менен Гилаттын Рамотуна Сирия падышасы Хазаел менен согушууга барды. Сириялыктар Жорамды жарадар кылышты.

29 Падыша Жорам Рамотто Сирия падышасы Хазаел менен согушуп жатканда сириялыктардан алган жараатын айыктыруу үчүн, Изрейелге кайтып келди. Жүйүт падышасы Жорамдын уулу Ахазай ооруп жаткан Ахаптын уулу Жорамды көрүү үчүн, Изрейелге келди.

**9-БӨЛҮМ**

**Жейунун Ысрайылга падыша болушу**

1 Элиша пайгамбар пайгамбар уулдарынын бирин чакырып, ага мындай деди: «Белиңди бууп, колуңа зайтун майы куюлган мына бул идишти алып, Гилаттын Рамотуна бар.

2 Ал жерге барарың менен Нимшинин уулу, Жошапаттын уулу Жейуну издеп таап, аны өз бир туугандарынын арасынан бөлүп чыгып, ички бөлмөгө киргиз.

3 Анан зайтун майы куюлган идишти алып, анын башына куюп, мындай де: “Теңир мындай дейт: "Мен сени Ысрайылга падыша кылып майлап жатам"”. Анан эшикти ачып, качып кет, күтпө».

4 Ошентип, жаш улан, пайгамбардын кызматчысы, Гилаттын Рамотуна жол тартты.

5 Улан ал жерге келсе, аскер башчылар отурушуптур. Ал аларга: «Аскер башчы, сага айта турган сөзүм бар», – деди. Ошондо Жейу: «Кимибизге?» – деп сурады. Ал: «Сага, аскер башчы», – деди.

6 Ал туруп, үйгө кирди. Улан анын башына зайтун майын куюп, мындай деди: «Ысрайылдын Кудай-Теңири мындай дейт: “Мен сени Теңирдин эли Ысрайылга падыша кылып майлап жатам.

7 Сен мырзаң Ахаптын тукумун кырып жок кыласың. Изебел колдуу болуп өлгөн Менин кулдарымдын – пайгамбарлардын каны үчүн, Теңирдин бардык кулдарынын каны үчүн Мен ошентип өч алам.

8 Ошентип, Ахаптын бүт тукуму кырылат. Ахаптын эркек аттууларынын баарын, камактагыларын да, Ысрайылда калгандарын да жок кылам.

9 Ахаптын тукумун Небат уулу Жаробам менен Акия уулу Баашанын тукумундай кылам.

10 Изебелди болсо Изрейел талаасында иттер жейт, аны эч ким көргө койбойт”». Анан ал эшикти ачып, качып кетти.

11 Жейу өз мырзасынын кулдары отурган жерге чыкканда, андан: «Баары жайындабы? Сага бул келесоо эмнеге келди?» – деп сурашты. Ал аларга: «Бул кишини да, анын эмне деп айтканын да силер билесиңер», – деп жооп берди.

12 Алар: «Бул калп, айт бизге», – деп айтышты. Ал мындай деди: «Ал мага муну айтты: “Теңир мындай дейт: Мен сени Ысрайылга падыша кылып майлап жатам”».

13 Ошондо алар шашылыш түрдө кийимдерин чечип, анын астына, тепкичке төшөй салып: «Жейу падыша болду!» – деп сурнай тартышты.

**Жейунун Жорамды өлтүрүшү**

14 Нимши уулу, Жошапат уулу Жейу Жорамга каршы көтөрүлдү. Жорам болсо бүт ысрайылдыктар менен бирге Гилаттын Рамотун Сирия падышасы Хазаелден коргоп турду.

15 Падыша Жорам Сирия падышасы Хазаел менен согушуп жатканда сириялыктардан алган жараатын айыктыруу үчүн, Изрейелге кайтып келген эле. Жейу ага: «Эгер силер макул болсоңор, анда ушул кабарды Изрейелге жеткирем деп, шаардан эч ким чыкпасын», – деди.

16 Анан Жейу аттанып, ооруп жаткан Жорамды көргөнү Израйелге жөнөп кетти. Ал жерге Жүйүт падышасы Ахазай да Жорамды көргөнү келген эле.

17 Изрейелдеги мунаранын үстүндө турган сакчы Жейунун келе жаткан көп аскерин көрүп: «Мен көп аскерди көрүп жатам», – деди. Жорам: «Атчан аскер жөнөт, ал алардын астынан тосуп чыгып: “Тынчтык менен келе жатасыңарбы?” – деп сурасын», – деди.

18 Ошондо атчан аскер анын алдынан чыгып, мындай деди: «Падыша мындай дейт: “Тынчтык менен келе жатасыңарбы?”» Жейу ага: «Тынчтыкты эмне кыласың? Менин аркамдан бастыр», – деди. Сакчы мындай деп кабарлады: «Жиберилген киши аларга жетти, бирок кайра кайта элек».

19 Анан ал башка атчан аскерди жөнөттү, ал аларга барып, мындай деди: «Падыша мындай дейт: “Тынчтык менен келе жатасыңарбы?”» Жейу ага: «Тынчтыкты эмне кыласың? Менин аркамдан бастыр», – деди.

20 Сакчы кайрадан: «Жиберилген киши аларга жетти, бирок кайра кайта элек. Жүрүшүнө караганда, ал Нимшинин уулу Жейу окшойт, себеби ал катуу чаап келе жатат», – деп билдирди.

21 Ошондо Жорам: «Арабаны чеккиле», – деди. Анын майдан арабасын чегишти. Ошондо Ысрайыл падышасы Жорам жана Жүйүт падышасы Ахазай өздөрүнүн майдан арабалары менен жөнөштү. Алар Жейунун алдынан чыгып, ага изрейелдик Наботтун талаасында жолугушту.

22 Жейуну көргөндө, Жорам: «Жейу, тынчтык менен келе жатасыңбы?» – деп сурады. Ал ага: «Сенин энең Изебел бутка табынып, көп сыйкырчылык кылып жатса, кайдагы тынчтыкты айтасың?» – деди.

23 Ошондо Жорам бурулуп, качып жөнөдү, анан Ахазайга: «Ахазай, чыккынчылык!» – деди.

24 Жейу болсо жаасын колуна алып, тартып жиберди. Жебе Жорамдын эки далысынын ортосуна кадалды, жебе анын жүрөгүн тешип өттү. Ал өзүнүн майдан арабасына жыгылып жан берди.

25 Анан Жейу өз төрөсү Бидекарга мындай деди: «Муну изрейелдик Наботтун талаасына алып барып ташта. Экөөбүз мунун атасы Ахаптын артынан келе жатканыбызда, Теңирдин буга каршы кандай пайгамбарчылык айттырганы эсиңдеби?

26 Теңир мындай деген: “Мен кечээ Наботтун жана анын уулдарынын канын көрдүм, ошол талаада сенден сөзсүз өч алам”. Андыктан Теңирдин сөзү боюнча аны талаага алып барып ташта».

**Ахазайдын өлтүрүлүшү**

27 Жүйүт падышасы Ахазай муну көргөндө, бактын ичиндеги үйгө кеткен жол менен качып жөнөдү. Жейу анын артынан түшүп: «Муну да өзүнүн майдан арабасында өлтүргүлө», – деди. Бул Иблейемдин жанындагы Гур дөңсөөсүндө болду. Ал Мегидого качып барып, ошол жерде өлдү.

28 Кулдары аны Иерусалимге алып барып, Дөөттүн шаарындагы ата-бабалары жаткан мүрзөгө коюшту.

29 Ахап уулу Жорамдын падышачылыгынын он биринчи жылында Ахазай Жүйүткө падыша болгон.

**Изебелдин өлтүрүлүшү**

30 Жейу Изрейелге келди. Изебел муну укканда, бетине эндик сыйпап, чачы-башын жасап, терезеден карап турду.

31 Жейу дарбазадан киргенде, Изебел: «Өз падышасын өлтүргөн Зимри, тынчтык менен келдиңби?» – деди.

32 Жейу терезени карап: «Ким мени менен, ким?» – деди. Эки-үч эбнух терезеден башбагып, аны карады.

33 Ал: «Изебелди терезеден ыргытып жибергиле», – деди. Алар аны ыргытып жиберишти. Анын каны дубалга, аттарга чачырады. Аны тепсеп салышты.

34 Жейу келип, ичип-жеп, анан: «Бул каргыш тийгенди таап келип, көргө койгула, ал падышанын кызы эмеспи», – деди.

35 Аны көргө койгону барышса, анын баш сөөгүнөн, буттарынан, колунун манжаларынан башка эч нерсе калбаптыр.

36 Кайра келишип, ага билдиришти. Ошондо ал мындай деди: «Теңирдин Өз кулу тишпилик Илияс аркылуу айткан сөзү ушундай болчу: Изебелдин денесин Израйел талаасында иттер жейт.

37 Израйел талаасында Изебелдин өлүгү кык сыяктуу болот, ошондо: “Бул – Изебел”, – деп, эч ким айтпайт».

**10-БӨЛҮМ**

**Ахаптын тукумунун жазаланышы**

1 Ахаптын Самарияда жетимиш уулу бар эле. Жейу Израйел жетекчилерине, аксакалдарына, Ахаптын балдарынын тарбиячыларына кат жазып, Самарияга жөнөттү. Ал каттын мазмуну мындай эле:

2 «Бул катты аларыңар менен падышаңардын уулдарынын ичинен эң мыктысын, эң татыктуусун тандап, аны атасынын тагына отургузгула.

3 Мырзаңардын уулдары да, майдан арабалар да, аттар да, чептүү шаарлар да, курал-жарак да силерде болгондуктан, падышаңардын тукуму үчүн согушкула».

4 Алар аябай коркуп кетип: «Мына, ага эки падыша туруштук бере алган жок, биз кантип туруштук беребиз?» – дешти.

5 Падыша сарайынын башчысы, шаар башчысы, аксакалдар жана тарбиячылар Жейуга: «Биз сенин кулдарыңбыз, бизге эмне десең, ошону кылабыз. Биз эч кимди падыша койбойбуз. Өзүң туура көргөндү кыл», – деп айттырып жиберишти.

6 Ал экинчи жолу аларга мындай кат жөнөттү: «Эгер силер мен тарапта болсоңор, мага баш ийсеңер, анда эртең ушул убакта мага, Израйелге падышаңардын уулдарынын баштарын алып келгиле».

7 Аларга кат жеткенде, алар падышанын жетимиш уулун мууздап, алардын баштарын себеттерге салышып, Жейуга, Израйелге жөнөтүштү.

8 Жиберилген киши келип, ага: «Падыша уулдарынын баштарын алып келишти», – деп билдирди. Ал: «Аларды эртең мененкиге чейин дарбазанын кире беришине экиге бөлүп үйүп койгула», – деди.

9 Ал эртең менен сыртка чыгып, жалпы элге мындай деди: «Силер күнөөлүү эмессиңер. Мына, мен өз падышама каршы чыгып, аны өлтүрдүм. Ал эми булардын баарын ким өлтүрдү?

10 Эми билип койгула, Теңирдин Ахаптын тукуму жөнүндө айткан бир да сөзү жерде калбайт. Теңир Өз кулу Илияс аркылуу айтканын аткарды».

11 Жейу Ахаптын тукумунун Израйелде калгандарынын бардыгын: анын даражалуу төрөлөрүн, жакындарын, ыйык кызмат кылуучуларын өлтүрдү. Ошентип, эч кимиси тирүү калган жок.

**Ахазайдын бир туугандарынын өлтүрүлүшү**

12 Анан ал туруп, Самарияга келди. Жейу койчулардын Бейт-Эйкетинин жанынан өтүп бара жатканда,

13 Жүйүт падышасы Ахазайдын бир туугандарына кезигип, алардан: «Силер кимсиңер?» – деп сурады. Алар: «Биз Ахазайдын бир туугандарыбыз, падыша менен ханышанын уулдарынын ден соолугун билели деп бара жатабыз», – деп жооп беришти.

14 Ошондо ал: «Аларды тирүү кармагыла», – деди. Аларды тирүү кармап, кырк эки кишини Бейт-Эйкет кудугунун жанында мууздап салышты. Алардын бирөө да тирүү калган жок.

**Ахаптын бир туугандарынын өлтүрүлүшү**

15 Андан ары жөнөп, аны утурлап келе жаткан Рейхаптын уулу Жонадапка жолугуп, аны менен саламдашып, андан: «Менин сага ниетим ак, сенин да мага ниетиң акпы?» – деп сурады. Жонадап: «Ак», – деп жооп берди. Жейу ага: «Эгер андай болсо, анда колуңду бер», – деди. Ал колун берди, Жейу аны өзүнүн майдан арабасына салып алды.

16 Анан: «Мени менен жүр, менин Теңирге болгон кызганчаактыгымды көр», – деди. Аны майдан арабага отургузушту.

17 Жейу Самарияга келип, Ахаптын тирүү калгандарынын баарын өлтүрдү, Теңирдин Илияска айткан сөзү боюнча аларды таптакыр жок кылды.

**Баалдын кызматчыларынын өлтүрүлүшү**

18 Жейу бүт элди чогултуп, аларга мындай деди: «Ахап Баалга аз кызмат кылган. Жейу ага көп кызмат кылат.

19 Ошондуктан мага Баалдын пайгамбарларынын, буткана кызматчыларынын бирин калтырбай чакыргыла, анткени мен Баалга чоң курмандык чалам. Ким келбей калса, ал тирүү калбайт». Баалга кызмат кылгандарды жок кылуу үчүн, Жейу ушундай куулук кылды.

20 Жейу: «Баалдын урматына майрамдык чогулуш жарыялагыла», – деди. Чогулуш жарыялашты.

21 Жейу Ысрайылдын бүт жерине чабарман жөнөттү. Ошондо Баалга кызмат кылгандардын бардыгы келишти. Келбей калган бир да киши болгон жок. Алар Баал үйүнө кирышти, Баал үйү кишиге толду.

22 Ошондо ал кийим кайтаруучуга: «Баалга кызмат кылгандардын бардыгына кийим алып кел», – деди. Ал аларга кийим алып келди.

23 Жейу Рейхаптын уулу Жонадап менен Баалдын үйүнө кирип, Баалдын кызматчыларына: «Силердин араңарда Теңирдин кызматчылары жокпу, карап көргүлөчү, анткени бул жерде бир гана Баалдын кызматчылары болушу керек», – деди.

24 Анан алар бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктарды жана башка курмандыктарды чала башташты. Жейу үйдүн сыртына сексен киши коюп: «Мен силердин колуңарга салып берип жаткан кишилердин бирин ким качырып жиберсе, анда ал качып кеткен адамдын ордуна өлөт», – деди.

25 Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык өрттөлгөндөн кийин, Жейу жөө күлүктөрүнө жана башчыларына: «Баргыла, аларды өлтүргүлө, бири да качып кетпесин», – деди. Аларды кылычтап өлтүрүштү, башчылар менен жөө күлүктөр аларды сыртка ыргытышты, анан Баалдын бутканасы жайгашкан шаарга жөнөштү.

26 Баалдын бутканасынан буркандарды алып чыгып өрттөштү.

27 Анан Баалдын айкелин талкалап, бутканасын кыйратышты. Ал жерди ажатканага айландырышты, ал ушул күнгө чейин ошондой.

28 Ошентип, Жейу Ысрайыл жеринен Баалды жок кылды.

29 Бирок Жейу Ысрайылды күнөөгө батырган Небат уулу Жаробамдын күнөөлөрүн таштаган жок, Дан менен Бейтелдеги алтын музоолорго табынуусун токтоткон жок.

30 Теңир Жейуга: «Менин алдымда адилеттүү эсептелген нерсени чын көңүлүңдөн аткарганың үчүн, Ахаптын тукумун кырып, Менин жүрөгүмдөгүнүн бардыгын аткаргандыгың үчүн, сенин уулдарың төртүнчү муунга чейин Ысрайылдын тагында отурат», – деди.

31 Бирок Жейу Ысрайылдын Кудай-Теңиринин мыйзамы менен жүрүүгө бүт жүрөгүн берип аракет кылган жок. Ал Ысрайылды күнөөгө батырган Жаробамдын күнөөлөрүн таштаган жок.

**Жейунун өлүшү**

32 Ошол күндөрдө Теңир Ысрайылдын жеринин аянтын кичирейте баштады. Хазаел Ысрайылдын бардык жериндеги ысрайылдыктарды кырды.

33 Ал Иордандын чыгыш тарабындагы жерди – Гилат жерин, Гат, Рубейин, Менаше урууларынын жерин, Арнон дарыясынын боюндагы Аройерден тартып Гилат менен Башанга чейинки жерлерди басып алды.

34 Жейу жөнүндө, анын кылган бардык иштери, көрсөткөн эрдиктери жөнүндө Ысрайыл падышаларынын тарых китебинде баяндалып жазылган.

35 Жейу ата-бабаларына кошулду, сөөгү Самарияга коюлду, ордуна уулу Жаахаз такка отурду.

36 Жейу ысрайылдыктарга Самарияда жыйырма сегиз жыл падышачылык кылды.

## 11-БӨЛҮМ

**Аталея ханыша**

1 Ахазайдын энеси Аталея уулунун өлгөнүн көрүп, падышанын бардык тукумун кырдырып салды.

2 Бирок падышанын уулдарын өлтүрүп жатканда, Жорам падышанын кызы, Ахазайдын эжеси Жешеба Ахазайдын уулу Жаашты баккан энеси менен кошо уктоочу бөлмөгө жашыруун алып кетти. Аны Аталеядан жашырып, аман алып калды.

3 Жешеба аны Теңир үйүндө алты жыл жашырды, ошол убакта ал жерде Аталея падышачылык кылып турду.

4 Жетинчи жылы Жойат киши жиберип, сакчылардын арасынан жүз башыларды жана жөө күлүктөрдү өзүнө, Теңир үйүнө алдырып, алар менен келишим түзүп, Теңир үйүндө алардан ант алып, аларга падышанын уулун көргөздү.

5 Анан аларга мындай деп буйруду: «Мындай кылгыла: ишемби күнү күзөткө туруучуларыңардын үчтөн бир бөлүгү падыша үйүнүн күзөтүндө тургула.

6 Экинчи бөлүгүңөр Шур дарбазасынын алдында, үчүнчү бөлүгүңөр сакчылардын арт жагындагы дарбазанын алдында турасыңар. Талкалап кетпеши үчүн, үйдү тегеректеп, күзөттө тургула.

7 Ишемби күнү күзөттөн кетүүчүлөрүңөрдүн эки бөлүгү Теңир үйүндө падышаны кайтарып, күзөттө тургула.

8 Ар бириңер колуңарга курал алып, падышаны бардык жагынан курчап тургула. Ким катарды бузуп кирем десе, ал өлтүрүлсүн. Падыша киргенде да, чыкканда да, жанында болгула».

9 Ыйык кызмат кылуучу Жойат кандай буйруса, жүз башылар бардыгын ошондой кылышты. Алар ишемби күнү күзөткө келүүчү жана күзөттөн кетүүчү өз кишилерин алып, ыйык кызмат кылуучу Жойатка келишти.

10 Ыйык кызмат кылуучу Дөөт падышанын Теңир үйүндөгү найзалары менен калкандарын жүз башыларга таратып берди.

11 Жөө күлүктөрдүн ар бири колдоруна курал алып, үйдүн оң бурчунан сол бурчуна чейин, курмандык чалынуучу жайдын жанында жана үйдүн жанында падышаны курчап турушту.

12 Ошондо Жойат падышанын уулун алып чыгып, анын башына таажы кийгизип, келишимдин көчүрмөсүн берди. Аны такка отургузушту, зайтун майы менен майлашты, анан кол чаап: «Жашасын падыша!» – деп кыйкырышты.

13 Аталея чуркап бара жаткан элдин ызы-чуусун угуп, Теңир үйүндөгү элге жөнөдү.

14 Анан ал падышалар туруучу секичеде падыша турганын, падышанын жанында төрөлөр, сурнайчылар турганын көрдү. Ал жердеги элдин баары сүйүнүп, сурнай тартып жатышкан эле. Ошондо Аталея кийимин айрып жиберип: «Чыккынчылык! Чыккынчылык!» – деп кыйкырды.

15 Ошондо ыйык кызмат кылуучу Жойат жүз башыларга, аскер жетекчилерине, мындай деп буйрук берди: «Аны бул жерден алып кеткиле. Ал Теңир үйүндө өлтүрүлбөшү керек. Ким анын артынан жөнөсө, аны кылычтап өлтүргүлө».

16 Аялга жол беришти, ал аттар кирүүчү эшиктен өтүп, падыша үйүнө бара жатканда өлтүрүлдү.

**Ыйык кызмат кылуучу Жойат**

17 Анан эл Теңирдин эли болушу үчүн, Жойат Теңир менен падышанын жана элдин, эл менен падышанын ортосунда келишим түздү.

18 Анан ал жердин бүт эли Баал үйүнө барып, ага курмандык чалуучу жайларды кыйратышты, анын айкелдерин тыптыйпыл кылып талкалашты, Баал бутканасынын кызматчысы Матанды курмандык чалынуучу жайлардын алдында өлтүрүштү. Ыйык кызмат кылуучу Теңир үйүнө сакчыларды койду.

19 Жүз башыларды, сакчыларды, жөө күлүктөрдү жана ал жердин бүт элин алып, Теңир үйүнөн падышаны узатып, сакчылардын дарбазасы аркылуу өтүп, падышанын үйүнө келди. Анан падышаны такка отургузушту.

20 Ал жердин бүт эли шаттанды, шаар тынчтыкка бөлөндү. Аталеяны болсо падыша үйүндө кылычтап өлтүрүштү.

21 Жааш тактыга отурганда, жети жашта эле.

**12-БӨЛҮМ**

**Жааш – Жүйүт падышасы**

1 Жейунун падышачылыгынын жетинчи жылында Жааш такка отуруп, Иерусалимде кырк жыл падышачылык кылды. Анын энесинин аты – Сибия, ал бейер-шебалык болчу.

2 Жааш ыйык кызмат кылуучу Жойаттын көзү өткөнчө, анын кеңешин угуп жүргөн күндөрү Теңирге жаккан иштерди кылды.

3 Бийик жерлердеги бутканалар гана жок кылынган жок. Эл дагы эле бийик жерлердеги бутканаларда курмандык чалып, жыпар жыттуу зат түтөтүп жатты.

4 Жааш ыйык кызмат кылуучуларга мындай деди: «Элдин Теңир үйүнө алып келген бардык күмүштөрүн: Теңир үйүнө келгендер алып келген күмүштү, ар бир адамдын өз жаны үчүн берген күмүшүн, элдин Теңир үйүнө өз каалоосу менен алып келген күмүштөрүн

5 ыйык кызмат кылуучулар алышсын, ар бири өз таанышынан алып, ийбадаткананын бардык бузулган жерлерин оңдошсун».

6 Бирок Жааш падышанын падышачылыгынын жыйырма үчүнчү жылына чейин ыйык кызмат кылуучулар ийбадаткананын бузулган жерлерин оңдошпогондуктан,

7 Жааш ыйык кызмат кылуучу Жойатты жана башка ыйык кызмат кылуучуларды чакырып: «Эмне үчүн силер ийбадаткананын бузулган жерлерин оңдобой жатасыңар? Мындан ары тааныштарыңардан күмүш албагыла, аны ийбадаткананы оңдогонго бергиле», – деди.

8 Ыйык кызмат кылуучулар ийбадаткананын бузулган жерлерин оңдогонго элден күмүш албоого макул болушту.

9 Анан ыйык кызмат кылуучу Жойат бир үкөк алып, анын үстүнө тешик жасап, аны курмандык чалынуучу жайдын оң жагына, Теңир үйүнүн кире беришине койду. Элдин Теңир үйүнө алып келген бардык күмүштөрүн кире бериште турган сакчы ыйык кызмат кылуучулар ошого салып жатышты.

10 Алар үкөккө көп күмүш чогулганын көрүшкөндө, башкы ыйык кызмат кылуучу менен падышанын катчысы келип, Теңир үйүндөгү күмүштү эсептеп, баштыктарга салып бууп коюшчу.

11 Күмүштөрдү эсептеп туруп, Теңир үйүн-дө иш алып барууга дайындалгандарга беришчү, алар болсо аны Теңир үйүндө иштеген усталарга, куруучуларга,

12 таш тизүүчүлөргө, таш сомдоочуларга беришчү, Теңир үйүнүн бузулган жерлерин оңдоого керектелүүчү жыгачтарды, жылмаланган таштарды сатып алууга жана башка бардык керектүү нерселерге сарп кылышчу.

13 Бирок ал күмүштөн Теңир үйү үчүн күмүш табактарды, кычкачтарды, чараларды, сурнайларды, алтын-күмүш идиштерди жасоого сарпталган жок.

14 Ал күмүштөрдү иш башкаруучуларга берип турушту, алар аны Теңир үйүн оңдоого сарп кылышты.

15 Жумушчулар үчүн берилген күмүштү таратып берүүчү адамдардан күмүштүн эсеби талап кылынчу эмес, анткени алар чынчылдык менен таратышчу.

16 Кылмыш үчүн, күнөө үчүн түшкөн күмүштөр Теңир үйүнө киргизилчү эмес. Алар ыйык кызмат кылуучуларга таандык болуп калчу.

17 Ошол убакта Сирия падышасы Хазаел согушка аттанып чыгып, Гатка согуш ачып, аны басып алды. Анан Хазаел Иерусалимге барууну чечти.

18 Бирок Жүйүт падышасы Жааш Жүйүт падышаларынын – өзүнүн аталары Жошапаттын, Жорамдын, Ахазайдын жана өзүнүн ийбадаткана үчүн курмандык кылгандарынын баарын, Теңир үйүндөгү жана падыша сарайынын казыналарындагы алтындын баарын алып, Сирия падышасы Хазаелге жөнөттү. Ошондо Хазаел Иерусалимден кетти.

19 Жааш жөнүндө жана анын кылган бардык иштери жөнүндө Жүйүт падышаларынын тарых китебинде баяндалып жазылган.

20 Кызматчылары Жаашка каршы көтөрүлүп, чыккынчылык кылышты, аны Сылага бара жаткан жолдогу Милка үйүндө өлтүрүштү.

21 Аны өз кызматчылары: Шиматтын уулу Жозахар, Шомердин уулу Жейозабат өлтүрдү, ал өлдү. Анын сөөгүн ата-бабаларынын жанына, Дөөттүн шаарына коюшту. Анын ордуна өз уулу Аматсия такка отурду.

**13-БӨЛҮМ**

**Жаахаз – Ысрайыл падышасы**

1 Жүйүт падышасы Ахазай уулу Жааштын падышачылыгынын жыйырма үчүнчү жылында Ысрайылга Жейу уулу Жаахаз падыша болду. Ал Самарияда он жети жыл падышачылык кылды.

2 Ал Теңирге жакпаган иштерди кылды, Ысрайылды күнөөгө батырган Небат уулу Жаробам кылган күнөөлөрдү кылды, ошол күнөөлөрдү кылганын токтоткон жок.

3 Теңир Ысрайылга каарданып, аны узак убакытка Сирия падышасы Хазаелдин жана Хазаел уулу Бенадаттын колуна салып берди.

4 Ошондо Жаахаз Теңирге сыйынды, Теңир аны укту, себеби ысрайылдыктардын эзилгенин, Сирия падышасынын аларды кандай эзгенин көрдү.

5 Теңир ысрайылдыктарга куткаруучуну берди. Ошондо алар сириялыктардын бийлиги астынан чыгышты. Ысрайыл уулдары өз чатырларында мурункудай жашап калышты.

6 Бирок алар Ысрайылды күнөөгө батырган Жаробамдын тукумунун күнөөлөрүн кылганды токтотушкан жок, ошол күнөөлөрдү кылышты, Самарияда Ашейра мамысы тура берди.

7 Жаахаздын аскеринен элүү атчан жоокер, он майдан араба жана он миң жөө аскери гана калды. Анткени Сирия падышасы аларды кырып, таш-талканын чыгарды.

8 Жаахаз жөнүндө, анын кылган бардык иштери, көрсөткөн эрдиктери жөнүндө Ысрайыл падышаларынын тарых китебинде баяндалып жазылган.

9 Жаахаз ата-бабаларына кошулду, анын сөөгү Самарияга коюлду. Анын ордуна уулу Жааш такка отурду.

**Жааш – Ысрайыл падышасы**

10 Жүйүт падышасы Жааштын падышачылыгынын отуз жетинчи жылында Ысрайылга Жаахаздын уулу Жааш падыша болду. Ал Самарияда он алты жыл падышачылык кылды.

11 Ал Теңирге жакпаган иштерди кылды. Ысрайылды күнөөгө батырган Небат уулу Жаробамдын күнөөлөрүн кылганын токтоткон жок, ошол күнөөлөрдү кылды.

12 Жааш жөнүндө, анын кылган бардык иштери, көрсөткөн эрдиктери, Жүйүт падышасы Аматсия менен кантип согушканы жөнүндө Ысрайыл падышаларынын тарых китебинде баяндалып жазылган.

13 Жааш ата-бабаларына кошулду, Жаробам анын тагына отурду. Жааш Самарияга, падышалардын жанына коюлду.

**Элишанын көз жумушу**

14 Элиша катуу ооруп, кийинчерээк ошол оорудан каза болду. Ысрайыл падышасы Жааш анын алдына келип: «Ата! Ата! Ысрайылдын майдан арабасы жана атчан жоокери!» – деп ыйлады.

15 Элиша ага: «Жаа менен жебелерди ал», – деди. Ал жаа менен жебелерди алды.

16 Анан ал Ысрайыл падышасына: «Колуңду жаанын үстүнө кой», – деди. Ал колун койду. Элиша колун падышанын колуна коюп:

17 «Чыгыш жакты караган терезени ач», – деди. Ал терезени ачты. Элиша ага: «Ат!» – деди. Ал атты. Анан Элиша мындай деди: «Бул жебе – Теңирдин куткаруучу жебеси, сириялыктардан куткаруучу жебе, сен Апейикте сириялыктарды толугу менен талкалайсың».

18 Анан Элиша: «Жебелерди ал», – деди. Ал алды. Анан ал Ысрайыл падышасына: «Аны жерге ур», – деди. Ал жерге үч жолу урду, анан токтоп калды.

19 Ошондо Кудайдын кишиси ага ачууланып: «Беш же алты жолу уруш керек эле. Ошондо сен сириялыктарды таптакыр талкалайт элең, эми сириялыктарды үч гана жолу талкалайсың», – деди.

20 Элиша көз жумуп, аны көргө коюшту. Кийинки жылы мааптыктардын сансыз аскери алардын жерине келди.

21 Бир жолу бир кишини коюп жаткан учурда, бул сансыз аскерди көрүп, анын сөөгүн Элишанын мүрзөсүнө таштап жиберишкен. Ал кулап бара жатканда, Элишанын сөөгүнө тийип кетип, тирилип, туруп кеткен.

**Ысрайыл менен Сириянын ортосундагы согуш**

22 Сирия падышасы Хазаел Жаахаздын көзү өткөнчө, ысрайылдыктарды кысымга алып турду.

23 Бирок Теңир аларга боор ооруп, ырайым кылып, Ыбрайым, Ыскак жана Жакып менен түзгөн келишими үчүн аларга жүзүн бурду, аларды кыргысы келген жок, аларды ушул күнгө чейин четке каккан жок.

24 Сирия падышасы Хазаел көз жумуп, анын ордуна уулу Бенадат такка отурду.

25 Согуш убагында Хазаел Жааштын атасы Жаахаздан шаарларды тартып алган. Бирок Жааш Хазаелдин уулу Бенадаттан ал шаарларды кайра тартып алды. Жааш аны үч ирет талкалап, Ысрайылдын шаарларын кайра тартып алды.

**14-БӨЛҮМ**

**Аматсия – Жүйүт падышасы**

1 Ысрайыл падышасы Жаахаз уулу Жааштын падышачылыгынын экинчи жылында Жүйүт падышасы Жааш уулу Аматсия такка отурду.

2 Ал такка отурганда, жыйырма беш жашта эле. Ал Иерусалимде жыйырма тогуз жыл падышачылык кылды. Анын энесинин аты – Жейодан, ал иерусалимдик болчу.

3 Ал Теңирге жаккан иштерди кылды, бирок атасы Дөөтчөлүк кылган жок. Ал атасы Жааш кылган иштерди кылды.

4 Бийик жерлердеги бутканалар гана жок кылынган жок. Эл дагы эле бийик жерлердеги бутканаларда курмандык чалып, жыпар жыттуу зат түтөтүп жатты.

5 Падышачылык бийлиги бекемделгенде, ал падышаны – өзүнүн атасын өлтүргөн кызматчыларды өлтүрдү.

6 Бирок алардын балдарын өлтүргөн жок, себеби Теңирдин Муса аркылуу берген мыйзам китебинде: «Балдары үчүн аталары өлүм жазасына тартылбасын, аталары үчүн балдары өлүм жазасына тартылбасын. Ар ким өз күнөөсү үчүн өлүм жазасына тартылсын», – деп жазылган.

7 Ал Туздуу өрөөнүндө он миң эдомдукту талкалады, согуш учурунда Селаны басып алып, аны Жоктейел деп атады, ал ушул күнгө чейин ушундай аталат.

8 Ошондо Аматсия Жейунун уулу, Жаахаздын уулу, Ысрайыл падышасы Жаашка элчилерди жиберип: «Кел, жекеме-жеке беттешебиз», – деп айттырды.

9 Ысрайыл падышасы Жааш Жүйүт падышасы Аматсияга мындай деп айттырып жиберди: «Лебанондо өскөн тикенек ошол эле Лебанондо өскөн кедр дарагына: “Менин уулума кызыңды бер”, – деп айттырды. Бирок Лебанондон жапайы жырткыч келип, тикенекти тепсеп салды.

10 Сен эдомдуктарды жеңгениңе текеберденип жатасың. Текебердене бер, бирок үйүңдө отур. Өз башыңа мүшкүл түшүрүп эмне кыласың? Сен да, сени менен кошо Жүйүт да өлөт».

11 Бирок Аматсия кулак салбады. Ысрайыл падышасы Жааш аттанып, Жүйүт падышасы Аматсия менен Жүйүттөгү Бейт-Шемеште жекеме-жеке беттешти.

12 Ошондо ысрайылдыктар жүйүттөрдү талкалашты, жүйүттөр чатырларына качып кетишти.

13 Ысрайыл падышасы Жааш Бейт-Шемеште Жааштын уулу, Ахазайдын уулу, Жүйүт падышасы Аматсияны колго түшүрүп, ал жерден Иерусалимге келип, Иерусалим дубалын – Эпрайым дарбазасынан Бурч дарбазасына чейин, төрт жүз чыканак дубалды уратты.

14 Анан ал Теңирдин үйүндөгү жана падыша сарайынын казыналарындагы бардык алтын-күмүштөрдү, идиштерди, ошондой эле туткундаган адамдарын алып, Самарияга кайтып келди.

15 Жааш жөнүндө, анын кылган бардык иштери, көрсөткөн эрдиктери, Жүйүт падышасы Аматсия менен кантип согушканы жөнүндө Ысрайыл падышаларынын тарых китебинде баяндалып жазылган.

16 Жааш ата-бабаларына кошулду. Анын сөөгү Самарияга, Ысрайыл падышаларынын жанына коюлду. Анын ордуна уулу Жаробам такка отурду.

**Аматсиянын өлүшү**

17 Жүйүт падышасы Жааш уулу Аматсия Ысрайыл падышасы Жаахаз уулу Жааш өлгөндөн кийин, дагы он беш жыл жашады.

18 Аматсиянын кылган иштери Жүйүт падышаларынын тарых китебинде баяндалып жазылган.

19 Иерусалимде ага каршы чыккынчылык уюштурулду, ошондо ал Лакишке качып кетти. Артынан Лакишке киши жиберип, аны ошол жерде өлтүрүштү.

20 Аны аттар менен Дөөттүн шаары Иерусалимге алып келип, ата-бабаларынын жанына коюшту.

21 Жүйүт эли он алты жаштагы Азарияны атасы Аматсиянын ордуна такка отургузду.

22 Падыша ата-бабаларына кошулгандан кийин, Азария Эйлатты кайра куруп, Жүйүткө кайрып берди.

**Жаробам – Ысрайыл падышасы**

23 Жүйүт падышасы Жааш уулу Аматсиянын падышачылыгынын он бешинчи жылында Ысрайыл падышасы Жааш уулу Жаробам падыша болуп, Самарияда кырк бир жыл падышачылык кылды.

24 Ал Теңирге жакпаган иштерди жасады. Ысрайылды күнөөгө батырган Небат уулу Жаробамдын күнөөлөрүн кылганын токтоткон жок.

25 Ал Ысрайылдын Кудай-Теңиринин гат-акейперлик пайгамбар Амитай уулу Жунус аркылуу айткан сөзү боюнча Ысрайылдын чек араларын, Хаматтын кире беришинен баштап чөлдөгү деңизге чейин калыбына келтирди.

26 Теңир Ысрайылдын башына түшкөн оор мүшкүлдү көрдү, алардын камакта отурган да, эркиндикте жүргөн да кишиси калган эмес эле, Ысрайылга жардам берер эч ким жок эле.

27 Теңир асман астынан ысрайылдыктардын атын өчүрүүнү каалабай, Жааш уулу Жаробам аркылуу аларды куткарды.

28 Жаробам жөнүндө, анын кылган бардык иштери, көрсөткөн эрдиктери жөнүндө, кантип согушуп, Жүйүткө караштуу Дамаск менен Хаматты Ысрайылга кантип кайрып бергени жөнүндө Ысрайыл падышаларынын тарых китебинде баяндалып жазылган.

29 Жаробам ата-бабаларына, Ысрайыл падышаларына кошулду. Анын ордуна уулу Захария такка отурду.

**15-БӨЛҮМ**

**Азария – Жүйүт падышасы**

1 Ысрайыл падышасы Жаробамдын падышачылыгынын жыйырма жетинчи жылында Жүйүт падышасы Аматсия уулу Азария такка отурду.

2 Ал такка отурганда, он алты жашта эле. Ал Иерусалимде элүү эки жыл падышачылык кылды. Анын энесинин аты – Жехолия, ал иерусалимдик болчу.

3 Ал атасы Аматсияга окшоп, Теңирге жаккан иштерди кылды.

4 Бийик жерлердеги бутканалар гана жок кылынган жок. Эл дагы эле бийик жерлердеги бутканаларда курмандык чалып, жыпар жыттуу зат түтөтүп жатты.

5 Теңир падышаны жазалады. Ал өлөр күнүнө чейин пес оорусу менен ооруп, өзүнчө үйдө жашады. Падыша уулу Жотам болсо падыша сарайын жана элди башкарды.

6 Азария жөнүндө жана анын кылган бардык иштери жөнүндө Жүйүт падышаларынын тарых китебинде баяндалып жазылган.

7 Азария ата-бабаларына кошулду. Анын сөөгүн Дөөттүн шаарына, ата-бабаларынын жанына коюшту. Анын ордуна уулу Жотам такка отурду.

**Захария – Ысрайыл падышасы**

8 Жүйүт падышасы Азариянын падышачылыгынын отуз сегизинчи жылында Ысрайылга Жаробам уулу Захария падыша болуп, Самарияда алты ай падышачылык кылды.

9 Ал аталарына окшоп, Теңирге жакпаган иштерди кылды. Ысрайылды күнөөгө батырган Небат уулу Жаробамдын күнөөлөрүн кылганын токтоткон жок.

10 Ага Жабес уулу Шалум чыккынчылык кылып, аны эл алдында өлтүрүп, анын ордуна такка отурду.

11 Захария жөнүндө Ысрайыл падышаларынын тарых китебинде баяндалып жазылган.

12 Теңирдин Жейуга «Сенин уулдарың төртүнчү муунга чейин Ысрайылдын тагында отурушат» деп айткан сөзү аткарылды.

**Шалум – Ысрайыл падышасы**

13 Жабестин уулу Шалум Жүйүт падышасы Азариянын падышачылыгынын отуз тогузунчу жылында такка отуруп, Самарияда бир ай падышачылык кылды.

14 Тирсалык Гадинин уулу Менахейим Самарияга келип, Жабес уулу Шалумду өлтүрүп, анын ордуна такка отурду.

15 Шалум жөнүндө жана анын уюштурган чыккынчылыгы жөнүндө Ысрайыл падышаларынын тарых китебинде баяндалып жазылган.

**Менахейим – Ысрайыл падышасы**

16 Шаар дарбазасын ачпагандыгы үчүн, Менахейим Типсакты жана анда жашагандардын баарын, анын тегерек-четин Тирсадан баштап кыйратты. Ал жердеги бардык кош бойлуу аялдардын курсагын жарды.

17 Жүйүт падышасы Азариянын падышачылыгынын отуз тогузунчу жылында Ысрайылга Гади уулу Менахейим падыша болду. Ал Самарияда он жыл падышачылык кылды.

18 Ал Теңирге жакпаган иштерди кылды. Өмүрү өткөнчө Ысрайылды күнөөгө батырган Небат уулу Жаробамдын күнөөлөрүн кылганын токтоткон жок.

19 Ошол учурда Ашур падышасы Пул Ысрайыл жерине келди. Менахейим Пулду өзүнө тарапташ кылуу үчүн жана өзүнүн падышачылык бийлигин бекемдөө үчүн, Пулга миң талант күмүш берди.

20 Менахейим ал күмүштөрдү Ашур падышасына берүү үчүн, ысрайылдыктардын бардык бай адамдарынан, алардын ар биринен элүү шекелден чогултуп алды. Ошентип, Ашур падышасы артка кетти, ал жерде калган жок.

21 Менахейим жөнүндө жана анын кылган бардык иштери жөнүндө Ысрайыл падышаларынын тарых китебинде баяндалып жазылган.

22 Менахейим ата-бабаларына кошулду. Анын ордуна уулу Пекахия такка отурду.

**Пекахия – Ысрайыл падышасы**

23 Жүйүт падышасы Азариянын падышачылыгынын элүүнчү жылында Менахейимдин уулу Пекахия Ысрайылга падыша болуп, Самарияда эки жыл падышачылык кылды.

24 Ал Теңирге жакпаган иштерди кылды. Ысрайылды күнөөгө батырган Небат уулу Жаробамдын күнөөлөрүн кылганын токтоткон жок.

25 Төрөсү Ремалия уулу Пеках ага чыккынчылык уюштуруп, Аргоп жана Арийей менен, гилаттык элүү киши менен аны падыша сарайында, Самарияда өлтүрүп, анын ордуна такка отурду.

26 Пекахия жөнүндө жана анын кылган бардык иштери жөнүндө Ысрайыл падышаларынын тарых китебинде баяндалып жазылган.

**Пеках – Ысрайыл падышасы**

27 Жүйүт падышасы Азариянын падышачылыгынын элүү экинчи жылында Ремалия уулу Пеках Ысрайылга падыша болуп, Самарияда жыйырма жыл падышачылык кылды.

28 Ал Теңирге жакпаган иштерди кылды. Ысрайылды күнөөгө батырган Небат уулу Жаробамдын күнөөлөрүн кылганын токтоткон жок.

29 Ысрайыл падышасы Пекахтын убагында Ашур падышасы Тиглат-Пилесер келип, Ийонду, Абел-Бейт-Маакты, Жаноахты, Кедешти, Хатсорду, Гилатты жана Галилеяны, Напталынын бүт жерин басып алып, аларды Ашурга көчүрүп кетти.

30 Ошондо Эйла уулу Ошуя Ремалия уулу Пекахка чыккынчылык уюштуруп, аны өлтүрүп, Узия уулу Жотамдын падышачылыгынын жыйырманчы жылында анын ордуна такка отурду.

31 Пеках жөнүндө жана анын кылган бардык иштери жөнүндө Ысрайыл падышаларынын тарых китебинде баяндалып жазылган.

**Жотам – Жүйүт падышасы**

32 Ысрайыл падышасы Ремалия уулу Пекахтын падышачылыгынын экинчи жылында Жүйүт падышасы Узиянын уулу Жотам такка отурду.

33 Ал такка отурганда, жыйырма беш жашта эле. Ал Иерусалимде он алты жыл падышачылык кылды. Анын энесинин аты – Жеруша, ал Садоктун кызы болчу.

34 Ал атасы Узияга окшоп, Теңирге жаккан иштерди кылды.

35 Бийик жерлердеги бутканалар жок кылынган жок. Эл дагы эле бийик жерлердеги бутканаларда курмандык чалып, жыпар жыттуу зат түтөтүп жатты. Жотам Теңир үйүнүн жогорку дарбазасын тургузду.

36 Жотам жөнүндө жана анын кылган бардык иштери жөнүндө Жүйүт падышаларынын тарых китебинде баяндалып жазылган.

37 Ошол күндөрү Теңир Сирия падышасы Ретсинди жана Ремалия уулу Пекахты Жүйүткө каршы жиберип турду.

38 Жотам ата-бабаларына кошулду, анын сөөгү ата-бабаларынын жанына, атасы Дөөттүн шаарына коюлду. Анын ордуна уулу Ахаз такка отурду.

**16-БӨЛҮМ**

**Ахаз – Жүйүт падышасы**

1 Ремалия уулу Пекахтын падышачылыгынын он жетинчи жылында Жүйүт падышасы Жотамдын уулу Ахаз такка отурду.

2 Ахаз такка отурганда, жыйырма жашта эле. Ал Иерусалимде он алты жыл падышачылык кылды. Атасы Дөөт Теңирге жаккан иштерди жасаган, Ахаз болсо анткен жок.

3 Тескерисинче, ал Ысрайыл падышаларынын жолу менен жүрүп, Ысрайыл уулдарынын алдынан Теңир кууп чыккан, жийиркеничтүү иштерди кылган элдерди туурап, атүгүл, өз уулун отко өрттөдү.

4 Ал бутканаларда, дөбөлөрдө, көлөкөлүү дарактардын түбүндө курмандык чалып, жыпар жыттуу зат түтөтүп жатты.

5 Ошол учурда Сирия падышасы Ретсин жана Ысрайыл падышасы Ремалия уулу Пеках Иерусалимди басып алыш үчүн согуш ачышты. Ахазды курчоодо кармап турушту, бирок жеңе алышкан жок.

6 Ошол убакта Сирия падышасы Ретсин Сирияга Эйлатты кайрып берип, жүйүттөрдү Эйлаттан кууп чыгарды. Эдомдуктар Эйлатка келишти. Алар ушул күнгө чейин ошол жерде жашашат.

7 Ахаз Ашур падышасы Тиглат-Пилесерге элчилерин жөнөтүп, мындай деп айттырды: «Мен сенин кулуңмун жана уулуңмун. Келип, мага каршы көтөрүлгөн Сирия падышасы менен Ысрайыл падышасынан мени куткар».

8 Ахаз Теңир үйүндөгү жана падыша сарайынын казыналарындагы алтын-күмүштөрдү алып, Ашур падышасына тартуу катарында жөнөттү.

9 Ашур падышасы анын тилин алып, Дамаскка барып, аны басып алып, анын тургундарын Кирге көчүрүп жиберди, Ретсинди болсо өлтүрүп салды.

10 Ахаз падыша Ашур падышасы Тиглат-Пилесерге жолугуш үчүн Дамаскка барып, ал жерден курмандык чалынуучу жайды көрдү. Анан Ахаз падыша курмандык чалынуучу жайдын түзүлүшүнүн толук чиймесин ыйык кызмат кылуучу Урийге жөнөттү.

11 Ыйык кызмат кылуучу Урий Дамасктан Ахаз падыша жиберген үлгү боюнча курмандык чалынуучу жай курду. Ахаз падыша Дамасктан келгенче, ыйык кызмат кылуучу Урий ушундай кылды.

12 Падыша Дамасктан келип, курмандык чалынуучу жайды көрүп, анын үстүнө курмандык чалды.

13 Ал өзүнүн бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыгын жана нан курмандыгын өрттөп, үстүнө куюлуучу курмандыкты куюп, өзүнүн тынчтык курмандыгынын канын курмандык чалынуучу жайга чачты.

14 Ал эми Теңирдин алдында турган жезден жасалган курмандык чалынуучу жайды ийбадаткананын алдынан, жаңы курмандык чалынуучу жай менен Теңир үйүнүн ортосундагы ордунан жылдырып, жаңы курмандык чалынуучу жайдын түндүк жагына койду.

15 Ахаз падыша ыйык кызмат кылуучу Урийге мындай буйрук берди: «Чоң курмандык чалынуучу жайдын үстүнө эртең мененки бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты жана кечки нан курмандыгын, падышанын бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыгы менен нан курмандыгын, өлкөдөгү бардык адамдардын бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктары менен нан курмандыктарын өрттө, алардын үстүнө куюлуучу курмандыктарды куй, анын үстүнө бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктар менен башка курмандыктардын канын чач. Эмне кылуу керек экенин чечкенге чейин, жез курмандык чалынуучу жайды мага калтыр».

16 Ыйык кызмат кылуучу Урий Ахаз падыша буйругандай кылды.

17 Ахаз падыша дөңгөлөктүү койгучтардын алкактарын сындырып, алардын үстүндөгү чараларды алып салды. Анан жез өгүздөрдүн үстүндө турган чараны да алып, аны төшөлгөн таштын үстүнө койду.

18 Анан ал Ашур падышасы үчүн ийбадатканага ишемби күнү кире турган эшикти жана падышанын Теңир үйүнө кире турган сырткы эшигин жаап салды.

19 Ахаз жөнүндө жана анын кылган иштери жөнүндө Жүйүт падышаларынын тарых китебинде баяндалып жазылган.

20 Ахаз ата-бабаларына кошулду, анын сөөгү ата-бабаларынын жанына, Дөөттүн шаарына коюлду. Анын ордуна уулу Хиския такка отурду.

## 17-БӨЛҮМ

### Ошуя – Ысрайыл падышасы

1 Жүйүт падышасы Ахаздын падышачылыгынын он экинчи жылында Эйла уулу Ошуя Ысрайылга падыша болуп, Самарияда тогуз жыл падышачылык кылды.

2 Ал Теңирге жакпаган иштерди кылды, бирок өзүнөн мурдагы Ысрайыл падышалары кылганчалык кылган жок.

3 Ага Ашур падышасы Шалманесер кол салды, Ошуя ага кул болуп, салык төлөп турду.

4 Ашур падышасы Ошуянын чыккынчылык уюштурганын билди, себеби Ошуя Мисир падышасы Собуга элчилерди жөнөтүп, Ашур падышасына жыл сайын берип туруучу салыкты бербей калган эле. Ошондуктан Ашур падышасы аны зынданга камап салды.

### Самариянын курчоого алынышы

5 Ашур падышасы бүт Ысрайылга согуш ачып, Самарияга келип, аны үч жыл бою курчоого алды.

6 Ошуянын падышачылыгынын тогузунчу жылында Ашур падышасы Самарияны басып алып, ысрайылдыктарды Ашурга көчүрүп кетти. Аларды Халахка, Хаборго, Гозан дарыясынын боюна жана Мадайдын шаарларына отурукташтырды.

7 Ысрайыл уулдары Мисир жеринен алып чыккан, Мисир падышасы фараондун колунан куткарган өзүнүн Кудай-Теңиринин алдында күнөө кылып, башка кудайларга табына башташты.

8 Алар Теңир кууп чыккан элдердин мыйзамдары боюнча, Ысрайыл падышаларынын мыйзамдары боюнча жашай башташты.

9 Ысрайыл уулдары өздөрүнүн Кудай-Теңирине жакпаган иштерди кылып, күзөт мунарасынан баштап чептүү шаарга чейин, өздөрүнө караштуу бардык шаарларга бутканаларды кура башташты.

10 Алар бардык бийик дөбөлөргө жана көлөкөлүү дарактардын түбүнө Ашейра мамысын жана буркандарын коюшту.

11 Теңир кууп чыккан элдерге окшоп, бардык бийик дөбөлөрдө жыпар жыттуу заттарды түтөтүп, Теңирди каарданткан жийиркеничтүү иштерди кылышты.

12 Алар жасалма кудайларга кызмат кылышты, бирок Теңир аларга: «Мындай кылбагыла», – деп айткан.

13 Ошондо Теңир Өзүнүн бардык пайгамбарлары жана көрөгөчтөрү аркылуу Ысрайыл менен Жүйүткө: «Жаман жолуңардан кайткыла, силердин ата-бабаларыңарга осуят кылган, Өзүмдүн кулдарым – пайгамбарларым аркылуу берген Менин осуяттарым менен мыйзамдарымды аткаргыла», – деп эскерткен.

14 Бирок алар кулак салбай коюшту, өздөрүнүн Кудай-Теңирине ишенбеген тоң моюн ата-бабаларына окшоп, тоң моюндук кылышты.

15 Алар Теңирдин мыйзамдарын, алардын ата-бабалары менен түзгөн келишимин, эскертүүлөрүн жек көрүп, Теңирдин «Алар кылгандай кылбагыла» деген буйругунан четтеп, тегерегинде жашаган элдерге окшоп, эч нерсеге арзыбаган кудайларды ээрчишип, өздөрү да эч нерсеге арзыбай калышты.

16 Алар өздөрүнүн Кудай-Теңиринин бардык мыйзамдарын таштап, эки музоо куюп, Ашейра мамысын тургузуп, бүткүл асман кошуундарына табынып, Баалга кызмат кылышты.

17 Уулдары менен кыздарын отко өрттөп, төлгө тартып, сыйкырчылык кылып, Теңирге жакпаган, Аны каардантkan иштерди кылууга дитин беришти.

18 Ошондо Теңир ысрайылдыктарга абдан каарданып, аларды четке какты. Жүйүт уруусунан башка эч бир уруу калган жок.

19 Жүйүт да өз Кудай-Теңиринин осуяттарын аткарбай, ысрайылдыктардын кылганын кылды.

20 Теңир Ысрайылдын бардык тукумунан жүзүн буруп, аларды моюн сундурду, аларды талап-тоноочулардын колуна салып берип турду, акыры аларды четке какты.

21 Ысрайылдыктар Дөөттүн тукумунан бөлүнүп чыгып, Небат уулу Жаробамды такка отургузушту. Жаробам ысрайылдыктарды Теңирден четтетип, аларды чоң күнөөгө батырды.

22 Ысрайыл уулдары Жаробам кылган күнөөлөрдүн бардыгын кылышты, ошол күнөөлөрдү кылганын токтотушкан жок.

23 Теңир Өзүнүн бардык кулдары – пайгамбарлары аркылуу эскерткендей, Ысрайылды таштап салганга чейин, алар ушундай кылышты. Ошентип, Ысрайыл өз жеринен Ашурга көчүрүлүп, ушул күнгө чейин ошол жерде жашайт.

**Ысрайыл шаарларына башка элдердин көчүрүлүп келиши**

24 Ашур падышасы Бабылдан, Кутадан, Абахтан, Хаматтан, Сепарбайымдан элдерди көчүрүп келип, аларды Самария шаарларына, Ысрайыл уулдарынын ордуна отурукташтырды. Алар Самарияны ээлеп, анын шаарларында жашап калышты.

25 Алар ал жерде жашай башташканда, Теңирден коркушкан жок, ошондуктан Теңир аларга арстандарды жиберип турду. Алар арстандарга жем болуп жатышты.

26 Анан Ашур падышасына мындай деп билдиришти: «Сен көчүрүп келип, Самария шаарларына отурукташтырган элдер ошол жердин Кудайынын мыйзамын билишпегендиктен, Кудай аларга арстандарды жиберип жатат. Алар арстандарга жем болуп жатышат, анткени ошол жердин Кудайынын мыйзамын билишпейт».

27 Ошондо Ашур падышасы мындай буйрук берди: «Силер ошол жактан көчүрүп келген ыйык кызмат кылуучулардан бирөөнү ал жакка жөнөткүлө. Ал барып, ошол жерде жашап, аларга ошол жердин Кудайынын мыйзамын үйрөтсүн».

28 Самариядан көчүрүлүп кеткен ыйык кызмат кылуучулардын бири келип, Бейтелде жашап, аларга Кудайдан коркууну үйрөттү.

29 Ар бир эл өзүнүн кудайларын жасап, самариялыктар курган бийик жерлердеги бутканаларга койду. Ар бир эл өзү жашаган шаарга койду.

30 Бабылдыктар Сукот-Бенотту, куталыктар Нейиргалды, хаматтыктар Ашиманы,

31 абахтыктар Нибхаз менен Тартакты жасашты, сепарбайымдыктар болсо өздөрүнүн кудайлары Анамелек менен Адрамелекке арнап уулдарын отко өрттөштү.

32 Ошол эле учурда алар Теңирден да коркуп, өздөрүнүн арасынан буткана кызматчыларын шайлашты. Алар бутканаларда кызмат кылышты.

33 Алар Теңирден да коркушту, ошондой эле өздөрү көчүп келген өлкөнүн салттары боюнча өздөрүнүн кудайларына да кызмат кылышты.

34 Алар ушул күнгө чейин өздөрүнүн мурунку салттары боюнча жашашат. Теңирден коркушпайт, Теңирдин Ысрайыл деген ысым берген Жакып уулдарына берген мыйзамдарын, осуяттарын, буйруктарын, көрсөтмөлөрүн аткарышпайт.

35 Теңир алар менен келишим түзүп, мындай деп осуят кылган: «Башка кудайларга табынбагыла, таазим этпегиле, кызмат кылбагыла, курмандык чалбагыла.

36 Силерди сунулган колу, күчтүү билеги менен Мисир жеринен алып чыккан Теңирге табынгыла, таазим кылгыла, курмандык чалгыла.

37 Анын силерге жазып берген мыйзамдарын, осуяттарын, буйруктарын, көрсөтмөлөрүн өмүрүңөр өткөнчө аткарууга аракет кылгыла, башка кудайларга табынбагыла.

38 Менин силер менен түзгөн келишимимди унутпагыла, башка кудайлардан коркпогула.

39 Өзүңөрдүн Кудай-Теңириңерден гана корккула, ошондо Ал силерди бардык душмандарыңардан куткарат».

40 Бирок алар тил алышкан жок, тескерисинче, мурунку каада-салттары боюнча жашашты.

41 Бул элдер Теңирден коркушту, бирок буркандарына да кызмат кылышты. Алардын балдары, балдарынын балдары да ата-бабаларына окшоп, ушул күнгө чейин ушундай кылып келе жатышат.

**18-БӨЛҮМ**

**Хиския – Жүйүт падышасы**

1 Ысрайыл падышасы Эйла уулу Ошуянын падышачылыгынын үчүнчү жылында Жүйүт падышасы Ахаз уулу Хиския такка отурду.

2 Ал такка отурганда, жыйырма беш жашта эле. Ал Иерусалимде жыйырма тогуз жыл падышачылык кылды. Анын энесинин аты – Абы, ал Захариянын кызы эле.

3 Ал атасы Дөөттөй болуп, Теңирге жаккан иштерди кылды.

4 Ал бутканаларды жок кылды, буркандарды талкалады, Ашейра мамысын кыйды. Ошондой эле Муса жасаган жез жыланды кыйратты, себеби Ысрайыл уулдары ошол күнгө чейин ага арнап жыпар жыттуу зат түтөтүшчү жана аны Нехуштан дешчү.

5 Ал Ысрайылдын Кудай-Теңирине таянчу. Бардык Жүйүт падышаларынын арасында андан мурун да, андан кийин да андай падыша болгон эмес.

6 Ал Теңирге жабышты, Андан четтеген жок, Теңирдин Мусага берген осуяттарын аткарды.

7 Теңир аны менен болду: кайда гана барбасын, ал бардык жерде акылмандык менен иш кылды. Ашур падышасынан бөлүнүп, ага кызмат кылбай калды.

8 Ал пелиштиликтерди Азага чейин жана анын жанындагы күзөт мунарасынан сепилдүү шаарга чейин талкалады.

9 Хиския падышанын падышачылыгынын төртүнчү жылында, башкача айтканда, Ысрайыл падышасы Эйла уулу Ошуянын падышачылыгынын жетинчи жылында Ашур падышасы Шалманесер Самарияга келип, аны курчап алды.

10 Аны үч жылдан кийин басып алды. Хискиянын падышачылыгынын алтынчы жылында, башкача айтканда, Ысрайыл падышасы Ошуянын падышачылыгынын тогузунчу жылында Самария басылып алынды.

11 Ашур падышасы ысрайылдыктарды Ашурга көчүрүп, аларды Халахка, Хаборго, Гозан дарыясынын боюна жана Мадайдын шаарларына отурукташтырды.

12 Анткени алар өздөрүнүн Кудай-Теңиринин үнүн укпай, Анын келишимин бузушту, Теңирдин кулу Муса берген осуяттарды укпай да, аткарбай да коюшту.

**Ашурлуктардын Иерусалимди курчоого алышы**

13 Хиския падышанын падышачылыгынын он төртүнчү жылында Ашур падышасы Санхейрип Жүйүттүн чептүү шаарларынын баарын басып алды.

14 Ошондо Жүйүт падышасы Хиския Лакишке, Ашур падышасына мындай деп айттырып жиберди: «Мен айыптуумун. Артка кайт, кандай салык салсаң да, төлөйүн». Ашур падышасы Жүйүт падышасы Хискияга үч жүз талант күмүш жана отуз талант алтын салык салды.

15 Хиския ага Теңирдин үйүндөгү, падыша сарайынын казыналарындагы бардык күмүштү берди.

16 Ошол учурда Жүйүт падышасы Хиския өзү алтын менен каптаткан Теңир үйүнүн эшиктериндеги, эшиктин кашектериндеги алтындарды чыгарып, Ашур падышасына берди.

17 Бирок Ашур падышасы Лакиштен Тартанды, Рапшакты жана Рап-Саристи көп аскер менен Хиския падышага, Иерусалимге жөнөттү. Алар Иерусалимге келип, жуугучтун талаасына кеткен жолдогу жогорку көлмөнүн суу түтүгүнүн жанында турушту.

18 Анан алар падышаны чакырышты. Ошондо падыша сарайынын башчысы Хилкия уулу Элийаким, катчы Шебна жана тарыхчы Асап уулу Жаах чыкты.

19 Рапшак аларга мындай деди: «Хискияга айткыла: Улуу падыша Ашур падышасы мындай дейт: “Сен деги эмнеге таянып жатасың?

20 Согушуу үчүн кеңешчилерим менен күчүм бар дегенсиң, бирок мунуң болбогон сөз. Мага каршы чыккыдай, сен азыр кимге таянып жатасың?

21 Сен сынык таякка – Мисирге таянып жатасың. Ага ким таянса, ал анын алаканына кирип, көзөп өтөт. Мисир падышасы фараонго таянгандарга мына ушундай болот.

22 Эгерде силер мага: "Өзүбүздүн Кудай-Теңирибизге таянабыз", – дей турган болсоңор, анда ал кудайыңардын курмандык чалынуучу жайлары менен бутканаларын Хиския алып салып, Жүйүт менен Иерусалимге: "Иерусалимдеги ушул гана курмандык чалынуучу жайдын алдында табынгыла", – дебеди беле. Ошол Кудайыңарга таянып жатасыңарбы?

23 Ошондуктан менин мырзам Ашур падышасы менен келишим түз: мен сага эки миң ат берем, аларга чабандес таба аласыңбы?

24 Сен менин мырзамдын эң кичине кулдарынын бирин жеңе аласыңбы? Мисирдин аттары менен майдан арабаларына таянып жатасыңбы?

25 Мен бул жерди бүлдүрүүгө Теңирдин эркисиз келиптирминби? Мага Теңир: "Бар, ал жерди бүлдүр", – деп айткан”».

26 Хилкия уулу Элийаким, Шебна жана Жаах Рапшактан: «Кулдарың менен арамей тилинде сүйлөш, себеби биз ал тилди түшүнөбүз. Биз менен жүйүт тилинде сүйлөшпө, дубалдагы эл укпай эле койсун», – деп өтүнүштү.

27 Рапшак аларга: «Мырзам мени ушул сөздү мырзаң экөөңө айттырганы жибериптирби? Жок, ал мени силер менен кошо өздөрүнүн заңын жеп, заарасын ичиш үчүн, дубалда отурган кишилерге да айттырганы жиберген», – деди.

28 Анан Рапшак туруп, жүйүт тилинде мындай деп кыйкырды: «Улуу падыша Ашур падышасынын сөзүн уккула!

29 Падыша мындай дейт: “Хиския силерди азгырбай эле койсун, анткени ал силерди менин колумдан куткара албайт.

30 "Теңир бизди сактайт. Бул шаар Ашур падышасынын колуна салынып берилбейт", – деп, Хиския силерди Теңир менен үмүттөндүрбөй эле койсун”.

31 Хискияны укпагыла. Анткени Ашур падышасы мындай дейт: “Шаарыңардан чыгып, мени менен тынчтык келишимин түзгүлө. Мен келип, силерди өзүңөрдүн жериңердей: нанга, шарапка, жемишке, жүзүмгө, зайтун дарагына жана балга бай жерге алып кеткенге чейин,

32 ар ким өзүнүн жүзүм багынын, анжыр дарагынын мөмөсүн жеп, өз кудугунан суу ичет. Менин айткандарымды кылсаңар, өлбөй тирүү каласыңар”. “Бизди Теңир сактайт”, – деп, силерди азгырып жаткан Хискияны укпагыла.

33 Кайсы элдин кудайы Ашур падышасынын колунан өз жерин сактап калды эле?

34 Арпат менен Хаматтын кудайлары кайда? Сепарбайымдын, Эйнанын жана Ибанын кудайлары кана? Алар Самарияны менин колумдан сактап калышты беле?

35 Ушул жерлердин кудайларынын кайсынысы менин колумдан өз жерин сактап калды эле? Анан кантип Теңир менин колумдан Иерусалимди сактап калсын?»

36 Эл унчуккан жок, ага бир да сөз менен жооп берген жок, себеби падышанын «Ага жооп бербегиле» деген буйругу бар эле.

37 Падыша сарайынын башчысы Хилкия уулу Элийаким, катчы Шебна, тарыхчы Асап уулу Жаах айрылган кийимдери менен Хискияга келишип, Рапшактын сөздөрүн айтып беришти.

**19-БӨЛҮМ**

**Хискиянын Ышайага кайрылышы**

1 Хиския падыша муну укканда, кийимин айрып, зумбал жамынып, Теңир үйүнө барды.

2 Ал падыша сарайынын башчысы Элийакимди, катчы Шебнаны жана зумбал жамынган башкы ыйык кызмат кылуучуларды Амостун уулу Ышайа пайгамбарга жөнөттү.

3 Алар ага келип, мындай деп айтышты: «Хиския мындай дейт: “Бул күн – кайгы тарта турган, жазалана турган, маскара боло турган күн, анткени ымыркайлар жатындын оозуна келип калышты, бирок энелердин төрөгөнгө күчү жок.

4 Тирүү Кудайга акарат келтирип, тил тийгизиш үчүн, мырзасы Ашур падышасы жиберген Рапшактын сөздөрүн Кудай-Теңириң угуп, ушул сөздөрдү айткандыгы үчүн, аны жазаласа экен. Тирүү калган эл үчүн сыйын”».

5 Хиския падышанын кызматчылары Ышайага келишти.

6 Ышайа аларга мындай деди: «Мырзаңарга Теңир мындай дейт деп айткыла: “Ашур падышасынын кызматчыларынын Мага тил тийгизип айткан сөздөрүнөн коркпо.

7 Мен ага бир рух жиберем, ал бир кабар угуп, өз жерине кайтат, ошондо Мен аны өз жеринде кылыч менен өлтүрөм”».

**Рапшактын коркутуусу жана Хискиянын сыйынуусу**

8 Рапшак Ашур падышасынын Лакиштен кеткенин угуп кайтып келсе, ал Либна менен согушуп жатыптыр.

9 Ашур падышасына Эфиопия падышасы Тирак жөнүндө «Ал сени менен согушууга чыкты» деген кабар айтышты. Ошондо ал Хискияга кайрадан элчилерин жөнөтүп, мындай деп айттырды:

10 «Жүйүт падышасы Хискияга мындай деп айткыла: “Сен таянган Кудайың: "Иерусалим Ашур падышасынын колуна салынып берилбейт", – деп, сени алдабай эле койсун.

11 Ашур падышаларынын башка жерлерди эмне кылганын, аларды талкалаганын укканысың да, анан сен аман калмак белең?

12 Менин ата-бабаларым бүлүнткөн элдерди кудайлары сактап калды беле? Гозан, Харан жана Ретсеп, Теласардагы Эден уулдарын сактап калышты беле?

13 Хамат, Арпат, Сепарбайым, Эйна жана Иба шаарларынын падышалары кана?”»

14 Хиския элчилердин колунан катты алып окуду да, Теңир үйүнө барып, аны Теңирдин алдына жайды.

15 Анан Хиския Теңирдин алдында мындай деп сыйынды: «Керуптардын арасында жашаган Ысрайылдын Кудай-Теңири! Жер жүзүндөгү бардык падышачылыктардын Кудайы жалгыз Сенсиң, асман менен жерди Сен жаратkансың.

16 Теңир, кулак сала көр. Теңир, көздөрүңдү ачып, назар сала көр. Тирүү Кудай Сага тил тийгизиш үчүн киши жиберген Санхейриптин сөздөрүн ук!

17 Оо, Теңир, Ашур падышаларынын элдерди, алардын жерлерин бүлүнткөнү чын.

18 Алардын кудайларын отко ыргытышкан, бирок алар кудайлар эмес эле, адамдын колу менен жасалган буюм, жыгач, таш болчу. Ошондуктан аларды жок кылышкан.

19 Кудай-Теңирибиз, эми бизди анын колунан сактай көр, ошондо, Теңир, Сенин жалгыз Кудай экениңди бардык падышачылыктар билишет».

**Кудайдын Ышайа пайгамбар аркылуу жооп бериши**

20 Амостун уулу Ышайа Хискияга мындай деп айттырып жиберди: «Ысрайылдын Кудай-Теңири мындай дейт: “Мен сенин Ашур падышасы Санхейрип жөнүндөгү сыйынууңду уктум”.

21 Теңирдин ал жөнүндө айткан сөзү мындай: “Сиондун эркек көрө элек кызы сени жек көрөт, сени шылдыңдап күлөт. Иерусалим кызы артыңдан башын чайкайт.

22 Сен кимге тил тийгиздиң, кимди шылдыңдадың? Кимге үнүңдү көтөрдүң, кимге текеберденип карадың? Ысрайылдын Ыйыгына!

23 Элчилериң аркылуу Теңирге акарат келтирип: "Мен өзүмдүн көп сандаган майдан арабаларым менен тоолордун чокусуна, Лебанондун эң бийик жерлерине чыктым. Эми анын бийик кедр дарактарын, эң сонун кипаристерин кыям, анын эң алыскы жерлерине, эң жакшы токоюна келем.

24 Кудук казып, жат жердин суусун ичтим. Эми Мисирдин бардык дарыяларын таманым менен какшытам", – дедиң.

25 Муну Мен мурун эле кылганымды, байыркы заманда эле алдын ала белгилеп койгонумду уккан жок белең? Сен азыр ошону ишке ашырдың, чептүү шаарларды кыйратып, үйүлгөн урандыга айланттың.

26 Алардын тургундары кайратын жоготуп, титиреп, уятка калып жатышат. Алар талаадагы чөптөй, назик өсүмдүктөй, чатырдын үстүнө чыккан чөптөй, баш алгыча эле күйүп кеткен эгиндей болушту.

27 Мен сенин отурганыңды да, чыкканыңды да, киргениңди да – баарын билем. Мага текеберденип тил тийгизгениңди да билем.

28 Мага текеберденип тил тийгизгендигиң үчүн, менменсингендигиң Менин кулагыма жеткендиги үчүн, Мен сенин танооңо шакегимди, оозуңа ооздугумду салып, келген жолуң менен артка кетирем”.

29 Хиския, сага мындай жышаан берем: бул жылы түшүп калган дандан өсүп чыкканын, кийинки жылы өзү өсүп чыкканын жегиле, ал эми үчүнчү жылы аштык сээп оруп алгыла, жүзүм отургузуп, мөмөсүн жегиле.

30 Жүйүт тукумунун аман калгандары кайрадан тамырын төмөн жайып, жогору жагынан түшүм берет.

31 Анткени Иерусалимден калдык чыгат, Сион тоосунан куткарылгандар чыгат. Муну Себайот Теңирдин кызганычы ишке ашырат.

32 Ошондуктан Теңир Ашур падышасы жөнүндө мындай дейт: “Ал бул шаарга кирбейт, ал жакка бир да жебе атпайт, ага калканы менен жакын да келбейт, ага каршы жал үйбөйт.

33 Келген жолу менен артка кайтат, бул шаарга кирбейт, – дейт Теңир.

34 Мен бул шаарды Өзүм үчүн, Өзүмдүн кулум Дөөт үчүн куткарам жана коргойм”».

35 Ошол түнү мындай болду: Теңирдин периштеси Ашур кошуунуна барып, жүз сексен беш миң адамын өлтүрдү. Эртең менен туруп, өлүп жаткан адамдарды көрүштү.

36 Ошондо Ашур падышасы Санхейрип келген жолу менен артка кайтты. Ал өзү жашаган Нинебиге кайтып барды.

37 Ал өзүнүн кудайы Нисрох үйүндө табынып жатканда, аны уулдары Адрамелек менен Саретсер кылыч менен өлтүрүп, Арарат жерине качып кетишти. Анын ордуна уулу Эйсар-Хадон такка отурду.

**20-БӨЛҮМ**

**Хискиянын оорушу жана айыгышы**

1 Ошол күндөрү Хиския абдан катуу ооруп калды. Ошондо ага Амос уулу Ышайа пайгамбар келип: «Теңир мындай дейт: “Өз тукумуңа мурас кагазын калтыр, анткени сен өлөсүң, айыкпайсың”», – деди.

2 Хиския жүзүн дубалга буруп, Теңирге мындай деп сыйынды:

3 «Оо Теңир! Сенин алдыңда туура жүргөнүмдү, Сага чын жүрөгүмдөн берилип, Сага жаккан иштерди кылганымды эстей көр». Анан Хиския катуу ыйлады.

4 Ышайа шаардан чыга электе, ага Теңирден мындай сөз болду:

5 «Кайра кайтып, Менин элимдин башчысы Хискияга айт: “Сенин атаң Дөөттүн Кудай-Теңири мындай дейт: "Мен сенин сыйынууңду уктум, көз жашыңды көрдүм. Мен сени айыктырам. Үчүнчү күнү Теңир үйүнө барасың.

6 Сенин өмүрүңө дагы он беш жыл кошом, сени жана бул шаарды Ашур падышасынын колунан сактайм, бул шаарды Өзүм үчүн, Өзүмдүн кулум Дөөт үчүн коргойм"”».

7 Ышайа: «Кургатылган анжырды алгыла», – деди. Алар кургатылган анжырды алып, жарага жабышты. Ал айыгып кетти.

8 Ошондо Хиския Ышайадан: «Мени Теңир айыктырарын, үчүнчү күнү Теңир үйүнө барарымды билишим үчүн, кандай жышаан берилет?» – деп сурады.

9 Ышайа ага: «Өзү айткан сөздү аткарарын ырасташ үчүн Теңир берген жышаан бул: көлөкө он тепкич алдыга жылсынбы же он тепкич артка жылсынбы?» – деди.

10 Хиския: «Көлөкөнүн он тепкич алдыга жылышы оңой. Жок, көлөкө он тепкич артка жылсын», – деди.

11 Ышайа пайгамбар Теңирге сыйынып, Ахаздын тепкичтеринен түшүп келе жаткан көлөкөнү он тепкич артка жылдырды.

**Хискиянын акылсыздык кылышы**

12 Ошол убакта Бабыл падышасы Баладан уулу Меродах-Баладан Хискияга кат жана белек жиберди, анткени Хискиянын ооруп жатканын уккан.

13 Хиския элчилердин айтканын угуп, аларга өзүнүн казыналарын, алтын-күмүштөрүн, жыпар жыттуу заттарын, кымбат баалуу, жыпар жыттуу майларын жана курал-жарак сактаган үйүн, кампаларын, аларда эмне болсо, ошонун баарын көрсөттү. Хиския өз үйүндөгү, өз падышачылыгындагы бардык нерсени көрсөттү, аларга көрсөтпөгөн нерсеси калган жок.

14 Ошондо Ышайа пайгамбар Хиския падышага келип: «Бул кишилер эмне дешти, алар сага кайдан келишти?» – деп сурады. Хиския ага: «Алар мага алыс жактан, Бабылдан келишти», – деп жооп берди.

15 Ышайа: «Алар сенин үйүңдөн эмнени көрүштү?» – деп сурады. Хиския: «Алар менин үйүмдө эмне болсо, ошонун баарын көрүштү. Менин казыналарымда аларга көрсөтпөгөн нерсе калган жок», – деп жооп берди.

16 Ошондо Ышайа Хискияга мындай деди: «Теңирдин сөзүн ук:

17 “Сенин үйүңдө эмне болсо, ошонун баарын, ата-бабаларың ушул күнгө чейин эмне жыйнап келишсе, ошонун баарын Бабылга алып кетүүчү күндөр келет. Эч нерсе калбайт, – дейт Теңир.

18 Сенин тукумуңдан, сенин уулдарыңдан алып кетишет, алар Бабыл падышасынын падыша сарайында эбнух болушат”».

19 Ошондо Хиския Ышайага: «Сен айткан Теңирдин сөзү жакшы», – деди. Ал: «Менин өмүрүм өткүчө тынчтык жана жыргалчылык болот!» – деп ойлогондуктан ушинтип айтты.

**Хискиянын өлүшү**

20 Хиския жөнүндө, анын бардык эрдиктери, көлмө жана арык казганы, шаарга суу киргизгени жөнүндө Жүйүт падышаларынын тарых китебинде баяндалып жазылган.

21 Хиския ата-бабаларына кошулду. Анын ордуна уулу Менаше такка отурду.

**21-БӨЛҮМ**

**Менаше – Жүйүт падышасы**

1 Менаше такка отурганда, он эки жашта эле. Ал Иерусалимде элүү жыл падышачылык кылды. Анын энесинин аты Хепси-Ба болчу.

2 Ал Ысрайыл уулдарынын алдынан Теңир кууп чыккан, жийиркеничтүү иштерди кылган элдерди туурап, Теңирге жакпаган иштерди кылды.

3 Ал атасы Хиския жок кылган бутканаларды кайра тургузуп, Ысрайыл падышасы Ахапка окшоп, Баалга курмандык чалынуучу жайларды курду, Ашейра мамысын тургузуп, асман кошуундарына табынып, аларга кызмат кылды.

4 Теңир үйүнө курмандык чалынуучу жайларды тургузду, ал үй жөнүндө Теңир: «Мен Өз ысымымды Иерусалимге орнотом», – деген эле.

5 Теңир үйүнүн эки короосуна бардык асман кошуундарына арнап курмандык чалынуучу жайларды тургузду.

6 Өз уулун курмандыкка өрттөп, төлгө салып, сыйкырчылык кылып, өлгөндөрдү чакыруучуларды жана сыйкырчылык кылгандарды колдоду. Теңирди каардантып, Ага жакпаган иштерди көп кылды.

7 Менаше өзү жасаган Ашейра бурканын Теңир үйүнө койду, ал үй жөнүндө Теңир Дөөткө жана анын уулу Сулайманга мындай деген эле: «Ушул үйгө жана Ысрайылдын бардык урууларынын ичинен Өзүм тандап алган Иерусалимге Мен Өз ысымымды түбөлүккө орнотом.

8 Эгерде ысрайылдыктар Менин буйруктарымды жана Менин кулум Муса берген мыйзамдарды сактоого аракет кылышса, ата-бабаларына берген жерден Мен аларды мындан ары кууп чыкпайм».

9 Бирок алар тил албай коюшту, аларды Менаше жолдон чыгарды. Алар Ысрайыл уулдарынын алдынан Теңир жок кылган элдер жасаган иштерден да жаман иштерди кылышты.

10 Ошондо Теңир Өз кулдары – пайгамбарлары аркылуу мындай деп сүйлөдү:

11 «Жүйүт падышасы Менаше жийиркеничтүү иштерди кылып, өзүнө чейинки аморлуктардан да ашып түшкөндүгү үчүн, өзүнүн жасалма кудайлары менен Жүйүттү күнөөгө батыргандыгы үчүн,

12 Ысрайылдын Кудай-Теңири мындай дейт: Мен Иерусалим менен Жүйүткө оор мүшкүл түшүрөм, ошондо ал жөнүндө уккан адамдын кулагы зыңылдайт.

13 Иерусалимдин үстүнөн Самариянын өлчөөчү жибин жана Ахаптын тукумунун салмоорун тартам. Иерусалимди идишти сүрткөнсүп сүртүп, көңтөрүп коём.

14 Өз энчимдин калдыгынан баш тартып, душмандарынын колдоруна салып берем, аларды бардык душмандары талап-тоноп, чаап алышат.

15 Бул алардын Мага жакпаган иштерди кылганы үчүн, алардын ата-бабалары Мисирден чыккан күндөн ушул күнгө чейин Мени каардантышканы үчүн болот».

16 Менаше Жүйүттү күнөөгө батырганы аз келгенсип, күнөөсүз канды көп төгүп, Иерусалимди канга толтурду. Ал Жүйүттүн Теңирге жакпаган иштерди кылуусуна себепкер болду.

17 Менаше жөнүндө, анын кылган бардык иштери, кылган күнөөлөрү жөнүндө Жүйүт падышаларынын тарых китебинде баяндалып жазылган.

18 Менаше ата-бабаларына кошулду. Ал өз үйүнүн жанындагы Уза багына коюлду. Анын ордуна уулу Амон такка отурду.

**Амон – Жүйүт падышасы**

19 Амон жыйырма эки жашында такка отуруп, Иерусалимде эки жыл падышачылык кылды. Анын энесинин аты – Мешулемет, ал жотпалык Харустун кызы болчу.

20 Ал атасы Менашедей болуп, Теңирге жакпаган иштерди кылды.

21 Ал атасынын жолун жолдоп, атасы кызмат кылган жасалма кудайларга кызмат кылып, аларга табынды.

22 Ата-бабаларынын Кудай-Теңирин таштап койду, Теңирдин жолу менен жүргөн жок.

23 Кызматчылары Амон падышага каршы чыккынчылык уюштурушуп, аны өз үйүндө өлтүрүштү.

24 Бирок эл Амон падышага каршы чыккынчылык уюштургандардын бардыгын кырып, анын ордуна уулу Жошияны такка отургузду.

25 Амон жөнүндө жана анын кылган иштери жөнүндө Жүйүт падышаларынын тарых китебинде баяндалып жазылган.

26 Аны Уза багындагы өз мүрзөсүнө коюшту. Анын ордуна уулу Жошия такка отурду.

**22-БӨЛҮМ**

**Жошия – Жүйүт падышасы**

1 Жошия сегиз жашында такка отуруп, Иерусалимде отуз бир жыл падышачылык кылды. Анын энесинин аты – Жедида, ал батсекаттык Адаянын кызы эле.

2 Ал Теңирге жаккан иштерди кылып, атасы Дөөттүн бардык жолу менен жүрүп, оңго да, солго да бурулган жок.

**Мыйзам китеби**

3 Жошия падышанын падышачылыгынын он сегизинчи жылында падыша Мешуламдын уулу, Атсалиянын уулу катчы Шапанды Теңир үйүнө жиберип, мындай деп айттырды:

4 «Башкы ыйык кызмат кылуучу Хилкияга бар, ал элдин Теңир үйүнө алып келген, босогодо турган күзөтчүлөр жыйнаган күмүштөрүн эсептесин.

5 Аны Теңир үйүндө иш алып барууга дайындалгандардын колуна берсин. Ал эми алар аны Теңир үйүнүн бузулган жерлерин оңдоп жаткан

6 жыгач усталарга, таш сомдоочуларга, таш тизүүчүлөргө таратып беришсин жана үйдү оңдоо үчүн сатылып алынуучу жыгачтарга, жылмаланган таштарга жумшашсын.

7 Алардын колуна берилген күмүштөрдүн эсебин талап кылбагыла, себеби алар чынчылдык менен таратышат».

8 Башкы ыйык кызмат кылуучу Хилкия катчы Шапанга мындай деди: «Мен Теңир үйүнөн мыйзам китебин таап алдым». Хилкия китепти Шапанга сунду, ал аны окуду.

9 Катчы Шапан падышага келип, мындай деди: «Теңир үйүндөгү күмүштөрдү сенин кулдарың алып, Теңир үйүндө иш алып барууга дайындалгандардын колуна өткөрүп беришти».

10 Катчы Шапан падышага дагы мындай деп билдирди: «Ыйык кызмат кылуучу Хилкия мага китеп берди». Шапан аны падышанын алдында окуп берди.

11 Падыша мыйзам китебиндеги сөздөрдү укканда, өз кийимин айрып жиберди.

12 Анан падыша ыйык кызмат кылуучу Хилкияга, Шапандын уулу Акикамга, Михей уулу Акбарга, катчы Шапанга, падыша кызматчысы Асаяга мындай деп буйруду:

13 «Баргыла, мен жөнүндө, эл жөнүндө жана бүткүл Жүйүт жөнүндө бул табылган китепте эмне жазылгандыгын Теңирден сурагыла, аткарышыбыз үчүн жазылган бул китептеги сөздөрдү ата-бабаларыбыз укпай коюшкандыктан, Теңир бизге катуу каарданып жатат».

14 Ошондо ыйык кызмат кылуучу Хилкия, Акикам, Акбар, Шапан жана Асая кийим кайтаруучу Хархас уулу, Тикпа уулу Шалумдун аялы, пайгамбар Хулдага барып, аны менен сүйлөшүштү. Ал аял Иерусалимдин экинчи бөлүгүндө жашачу.

15 Аял аларга мындай деди: «Жүйүт падышасы окуган китептеги сөздөр боюнча Ысрайылдын Кудай-Теңири мындай дейт: “Силерди мага жиберген кишиге айткыла:

16 Теңир мындай дейт: Мен ошол жерге жана анын тургундарына мүшкүл түшүрөм.

17 Алар Мени таштап, башка кудайларга жыпар жыттуу зат түтөтүп, жасап алган кудайлары менен Мени каардантышкандыгы үчүн, Мен ошол жерге каарымды төгөм, каарым кайтпайт”.

18 Силерди Теңирдин эркин сураганы жиберген Жүйүт падышасына айткыла: “Сен уккан сөздөр боюнча Ысрайылдын Кудай-Теңири мындай дейт:

19 "Мен ошол жердин кыйрарын, ошол жердин тургундарынын кырыларын айтканымды уккандан кийин, жүрөгүң жумшаргандыгы үчүн, Теңир алдында моюн сунганың үчүн, кийимиңди айрып, Менин алдымда ыйлаганың үчүн, Мен да сени уктум, – дейт Теңир.

20 Ошон үчүн Мен сени ата-бабаларыңа кошом, сен көрүңө тынч коюласың, Мен бул жерге түшүрө турган мүшкүлдү көрбөйсүң"”». Падышага ушундай жооп алып келишти.

**23-БӨЛҮМ**

**Жошиянын бутпарастардын кудайларын жок кылышы**

1 Падыша киши жиберип, Жүйүт менен Иерусалимдеги бүт аксакалдарды чогултту.

2 Падыша Теңир үйүнө келди. Аны менен бардык жүйүттөр, Иерусалимдин бүт тургундары, ыйык кызмат кылуучулар, пайгамбарлар, кичинесинен чоңуна чейин, бүт эл келди. Ал Теңир үйүнөн табылган мыйзам китептеги бардык сөздөрдү угуза окуду.

3 Андан кийин падыша бийик жерге чыгып, Теңирдин жолу менен жүрүш үчүн, Анын осуяттарын, буйруктарын жана мыйзамдарын жан-дили менен, чын жүрөктөн аткарыш үчүн, ушул китепте жазылган келишимдин сөздөрүн аткарыш үчүн, Теңирдин алдында келишим түздү, эл келишимге кошулду.

4 Анан падыша башкы ыйык кызмат кылуучу Хилкияга, андан кийинки ыйык кызмат кылуучуларга жана босогодо турган күзөтчүлөргө Ашейра үчүн, Баал үчүн жана бүткүл асман кошуундары үчүн жасалган бардык нерселерди Теңирдин ийбадатканасынан алып чыгып, Иерусалимдин сыртында, Кидрон өрөөнүндө өрттөп, күлүн Бейтелге жеткирүүнү буйруду.

5 Жүйүт шаарларындагы, Иерусалимдин айланасындагы буткаларда жыпар жыттуу зат түтөтүп туруу үчүн Жүйүт падышалары койгон буткана кызматчыларын кызматынан четтетти, алар Баалга, күнгө, айга, жылдыздарга, бардык асман кошуундарына жыпар жыттуу зат түтөтүшчү.

6 Анан ал Ашейра мамысын Теңир үйүнөн Иерусалимдин сыртындагы Кидрон суусуна алып чыгып, Кидрондун жээгинде өрттөп, күлгө айлантып, жалпы элдин көрүстөнүнө ыргытты.

7 Анан Теңирдин ийбадатканасынын жанындагы бачабаздардын үйүн талкалады. Ал жерде аялдар Ашейрага кийим токушчу.

8 Жүйүт шаарларындагы буткана кызматчыларынын баарын алып чыкты, Гебадан Бейер-Шебага чейинки буткана кызматчылары жыпар жыттуу зат түтөткөн бутканаларды булгады, дарбазалардын алдындагы бутканаларды – шаар башчысы Жошуянын дарбазасынын кире беришиндеги бутkананы жана шаар дарбазасынын сол жагындагы бутkананы кыйратты.

9 Ошондой болсо да бутканалардын кызматчылары Теңирдин Иерусалимдеги курмандык чалынуучу жайында курмандык чалышчу эмес, бирок өз бир туугандары менен бирге ачыткысыз нан жешчү.

10 Эч ким уулун же кызын Молохко арнап курмандыкка чалбашы үчүн, Ином уулдарынын өрөөнүндөгү Топетти булгады.

11 Парбаримдеги эбнух Нетан-Мелехтин бөлмөлөрүнүн жанындагы Теңир үйүнүн кире беришине Жүйүт падышалары күнгө арнап койгон аттарды алып таштады. Күнгө арналган майдан арабаларды өрттөп жиберди.

12 Падыша Жүйүт падышалары курган Ахаздын үйүнүн чатырындагы курмандык чалынуучу жайларды, Теңир үйүнүн эки короосуна Менаше курган курмандык чалынуучу жайларды бузуп, кулатты, алардын күлүн Кидрон суусуна ыргытты.

13 Иерусалимдин алдына, Зайтун тоосунун оң жагына Сидондун жийиркеничи Ашейра үчүн, Мааптын жийиркеничи Кемош үчүн, Амон уулдарынын жийиркеничи Милком үчүн Ысрайыл падышасы Сулайман курган бутканаларды падыша булгады.

14 Балбалдарды талкалап, Ашейра мамыларын кыйып, алардын ордун кишинин сөөктөрү менен толтурду.

15 Ошондой эле Бейтелдеги курмандык чалынуучу жайды, Ысрайылды күнөөгө батырган Небат уулу Жаробам курган бутkананы кыйратып, өрттөп, күлгө айландырды, Ашейра мамыларын өрттөп жиберди.

16 Анан Жошия көз чаптырып, тоодогу мүрзөлөрдү көрдү. Киши жөнөтүп, мүрзөдөн сөөктөрдү алдырып, курмандык чалынуучу жайда өрттөдү, Кудайдын кишиси алдын ала айткан Теңирдин сөзү боюнча аны булгады.

17 Анан Жошия: «Мен көрүп турган эмне деген эстелик?» – деп сурады. Шаардын тургундары ага мындай дешти: «Бул – Жүйүт аймагынан келген Кудайдын кишисинин мүрзөсү. Ал Бейтелдеги курмандык чалынуучу жайды эмне кыларыңды айткан».

18 Ошондо ал: «Аны жайына койгула. Анын сөөгүнө эч ким тийбегиле», – деди. Ошентип, анын сөөгүнө жана Самариядан келген пайгамбардын сөөгүнө тийишкен жок.

19 Жошия ошондой эле Ысрайыл падышаларынын Теңирди каардантып курган Самария шаарларынын бийик жерлериндеги бутканалардын баарын Бейтелдегидей кылып кыйратты.

20 Ал жердеги курмандык чалынуучу жайлардын үстүндө буткана кызматчыларынын баарын мууздап өлтүрүп, кишилердин сөөгүн өрттөп, Иерусалимге кайтып келди.

**Пасах майрамын өткөрүү**

21 Анан падыша бүткүл элге мындай буйрук кылды: «Бул мыйзам китепте жазылгандай, өзүңөрдүн Кудай-Теңириңерге арнап Пасах майрамын өткөргүлө».

22 Анткени мындай Пасах Ысрайылды башкарган башкаруучулардын убагынан бери өткөрүлө элек эле, Ысрайыл жана Жүйүт падышаларынын убагында да өткөрүлгөн эмес.

23 Жошия падышанын падышачылыгынын он сегизинчи жылында Иерусалимде Теңирге арналган ушундай Пасах майрамы өткөрүлдү.

**Жошия кылган иштер**

24 Теңир үйүнөн ыйык кызмат кылуучу Хилкия тапкан китепте жазылган мыйзам сөздөрүн аткарыш үчүн, Жошия Жүйүт аймагында жана Иерусалимде пайда болгон өлгөндөрдү чакыруучуларды, сыйкырчыларды терафимдерди, жасалма кудайларды, жийиркеничтерди жок кылды.

25 Мусанын бардык мыйзамдары боюнча Теңирге бүт жүрөгү менен, жан-дили менен, бардык күчү менен берилген Жошиядай падыша буга чейин да, мындан кийин да болгон эмес.

26 Бирок Менаше Теңирге акарат келтирип, Аны каардантканы үчүн, Теңир Жүйүткө каарданганын токтоткон жок.

27 Теңир мындай деди: «Мен Ысрайылды таштап койгондой, Жүйүттү да таштап коём, Өзүм тандап алган ушул Иерусалим шаарын да, “Менин ысымым ошол жерде болот” деп айткан үйдү да таштап коём».

**Жошиянын өлүшү**

28 Жошия жөнүндө жана анын кылган бардык иштери жөнүндө Жүйүт падышаларынын тарых китебинде баяндалып жазылган.

29 Анын тушунда Мисир падышасы фараон Нехо Ашур падышасы менен согушуу үчүн, Эфрат дарыясын көздөй жөнөдү. Ошондо Жошия падыша анын алдынан чыкты. Нехо Жошияны көрүп, аны Мегидодо өлтүрдү.

30 Кулдары анын өлүгүн майдан арабага салып, Мегидодон Иерусалимге алып келип, өз мүрзөсүнө коюшту. Ал жердин эли Жошиянын уулу Жаахазды падыша кылып майлап, атасынын ордуна такка отургузушту.

**Жаахаз – Жүйүт падышасы**

31 Жаахаз такка отурганда, жыйырма үч жашта эле. Ал Иерусалимде үч ай падышачылык кылды. Анын энесинин аты – Хамутал, ал либналык Жеремиянын кызы болчу.

32 Ал аталарындай болуп, бардык нерседе Теңирге жакпаган иштерди кылды.

33 Ал Иерусалимде падыша болбошу үчүн, фараон Нехо аны Хамат жериндеги Риблада каматып, ал жерге жүз талант күмүш, бир талант алтын салык салды.

34 Фараон Нехо Жошия уулу Элийакимди атасы Жошиянын ордуна такка отургузуп, анын атын Жайаким деп өзгөрттү. Жаахазды болсо Мисирге алып кетти, ал ошол жерде өлдү.

**Жайаким – Жүйүт падышасы**

35 Жайаким фараонго күмүш да, алтын да берип турду. Ал фараондун буйругу боюнча күмүш берип туруш үчүн, жерди баалады. Фараон Нехого берип туруш үчүн, ал ошол жердеги элге, ар бир кишиге жерине жараша алтын-күмүш төлөттү.

36 Жайаким такка отурганда, жыйырма беш жашта эле. Ал Иерусалимде он бир жыл падышачылык кылды. Анын энесинин аты – Зебуда, ал румалык Педаянын кызы эле.

37 Ал өзүнүн аталарындай болуп, бардык нерседе Теңирге жакпаган иштерди кылды.

**24-БӨЛҮМ**

1 Жайакимдин тушунда Бабыл падышасы Небухаданасар кол салды. Жайаким үч жыл анын бийлиги астында болду, бирок кийин андан бөлүнүп кетти.

2 Теңир аларды Өзүнүн кулдары – пайгамбарлары аркылуу айткан сөзү боюнча Жүйүттү кырып жок кылуу үчүн, ага каршы каздимдердин, сириялыктардын, мааптыктардын жана амондуктардын аскерлерин жиберди.

3 Менашенин күнөөсү жана кылган бардык иштери үчүн Теңирдин буйругу боюнча Жүйүттү Өзүнөн четтетүү үчүн,

4 Менашенин жазыксыз кан төгүп, Иерусалимди жазыксыз канга толтурганы үчүн Жүйүттү ушундай кылды, Теңир аны кечиргиси келген жок.

5 Жайаким жөнүндө жана анын кылган бардык иштери жөнүндө Жүйүт падышаларынын тарых китебинде баяндалып жазылган.

6 Жайаким ата-бабаларына кошулуп, анын ордуна уулу Жайахин такка отурду.

7 Мисир падышасы андан кийин өз жеринен чыккан жок, себеби Бабыл падышасы Мисир падышасына караштуу жерлерди, Мисир дарыясынан Эфрат дарыясына чейинки жерлерди басып алган эле.

**Жайахин – Жүйүт падышасы**

8 Жайахин такка отурганда, он сегиз жашта эле, ал Иерусалимде үч ай падышачылык кылды. Анын энесинин аты – Нехушта, ал иерусалимдик Элнатандын кызы эле.

9 Ал атасындай болуп, бардык нерседе Теңирге жакпаган иштерди кылды.

10 Ошол убакта Бабыл падышасы Небуxаданасардын кулдары Иерусалимге келип, шаарды курчап алышты.

11 Кулдары шаарды курчап жатканда, Бабыл падышасы Небухаданасар шаарга келди.

12 Жүйүт падышасы Жайахин энеси, кызматчылары, төрөлөрү жана эбнухтары менен Бабыл падышасына багынып берди. Бабыл падышасы шаарды өз падышачылыгынын сегизинчи жылында басып алды.

13 Небухаданасар ал жерден Теңир үйүндөгү жана падыша сарайындагы кымбат баалуу буюмдарды алып кетти. Теңир айткандай, Ысрайыл падышасы Сулайман жасаган Теңирдин ийбадатканасындагы алтын идиштердин баарын талкалады.

14 Ал Иерусалимдин бүт элин, бардык төрөлөрүн, эр жүрөк аскерлерин туткундап кетти. Туткундалып кеткендердин саны он миң эле. Ал бардык жыгач усталарды, темир усталарды туткундап кетти. Ал жерде жарды элден башка эч ким калган жок.

15 Жайахинди ал Бабылга туткундап кетти. Падышанын энесин, аялдарын, эбнухтарын, ал жердин күчтүүлөрүн Иерусалимден Бабылга туткундап кетти.

16 Жети миң аскерин, кол өнөрчүлөрү менен миң куруучусун, согушка жарактуу эр жүрөк адамдарын Бабыл падышасы Бабылга туткундап кетти.

17 Бабыл падышасы Жайахиндин ордуна анын жакын тууганы Матанияны такка отургузуп, атын Ситкия кылып өзгөрттү.

**Ситкия – Жүйүт падышасы**

18 Ситкия такка отурганда, жыйырма бир жашта эле. Ал Иерусалимде он бир жыл падышачылык кылды. Анын энесинин аты – Хамутал, ал либналык Жеремиянын кызы болчу.

19 Ал Жайакимге окшоп, бардык нерседе Теңирге жакпаган иштерди кылды.

20 Теңир Жүйүт менен Иерусалимге абдан катуу каарданып, аларды таштап салды. Ситкия Бабыл падышасынан бөлүнүп кетти.

**25-БӨЛҮМ**

**Иерусалимдин курчоого алынышы**

1 Бабыл падышасы Небухаданасар өз падышачылыгынын тогузунчу жылынын онунчу айынын онунчу күнү бүт аскери менен Иерусалимге келип, аны курчап, тегерете жал үйдү.

2 Ситкия падышанын падышачылыгынын он биринчи жылына чейин шаар курчоодо турду.

3 Айдын тогузунчу күнү шаарда ачарчылык күчөгөндүктөн, ал жердин элинин жегенге наны жок эле.

4 Шаар басылып алынып, бардык аскерлер түн ичинде падыша багынын жанындагы, эки дубалдын ортосундагы дарбазадан чыгып, качып кетишти. Каздимдер болсо шаарды курчап турушкан, падыша ошол жол менен түздүккө чыгып кетти.

5 Каздим аскерлери падышанын артынан түшүп, аны Жерихо түздүгүндө кууп жетишти. Бүт аскерлери аны таштап, туш-тушка качып кетишти.

6 Падышаны кармап, Бабыл падышасына, Риблага алып кетишти. Анан анын үстүнөн сот жүргүзүштү.

7 Ситкиянын балдарын анын көзүнчө мууздап өлтүрүштү. Ал эми Ситкиянын көзүн оюп, кишендеп, Бабылга алып кетишти.

**Ийбадаткананын кыйратылышы**

8 Бешинчи айдын жетинчи күнү, башкача айтканда, Бабыл падышасы Небухаданасардын падышачылыгынын он тогузунчу жылында Бабыл падышасынын кызматчысы, сакчылардын башчысы Небузарадан Иерусалимге келди.

9 Ал Теңир үйүн, падыша сарайын, Иерусалимдеги бардык үйлөрдү өрттөдү, бардык чоң үйлөрдү өрттөдү.

10 Сакчылардын башчысы менен келген каздим аскерлери Иерусалимди курчаган дубалдарды бузушту.

11 Шаарда калган элди, Бабыл падышасы тарапка өтүп кеткендерди, калган карапайым элди сакчылардын башчысы Небузарадан туткундап кетти.

12 Сакчылардын башчысы жүзүм багындагы жумуштарга жана жер айдоого ал жердин жарды элинен бир нече кишини гана калтырды.

13 Каздимдер Теңир үйүндөгү жез устундарды, дөңгөлөктүү койгучтарды, жезден жасалган чоң чараны талкалап, алардын жезин Бабылга алып кетишти.

14 Теңир үйүндө кызмат кылууда пайдаланылуучу бардык казандарды, калактарды, бычактарды, кашыктарды, жез идиштерди алып кетишти.

15 Сакчылардын башчысы жыпар жыттуу зат түтөтүлүүчү чөйчөктөрдү, алтындан жана күмүштөн жасалган бардык нерселерди, идиштерди алып кетти.

16 Сулайман Теңир үйүнө жасаткан эки мамыга, чоң чарага, дөңгөлөктүү койгучтарга кеткен жездин салмагы белгисиз болчу.

17 Ар бир мамынын бийиктиги он сегиз чыканак. Башында жез таажы, ал эми таажынын бийиктиги үч чыканак, таажыны курчаган тор менен анарлардын баары жезден болчу. Мамылар ушундай жасалган эле.

**Жүйүттөрдүн Бабылга туткундалып кетиши**

18 Сакчылардын башчысы башкы ыйык кызмат кылуучу Сераяны, экинчи ыйык кызмат кылуучу Сепанияны, Теңир үйүнүн кире беришинде күзөттө турган үч сакчыны алып кетти.

19 Шаардан аскерлерди башкарган бир эбнухту, падышанын алдында турган беш кишини, ал жердин элин аскерге каттаган башкы катчыны, ошол жердин элинин ичинен шаарда болгон алтымыш кишини алып кетти.

20 Сакчылардын башчысы Небузарадан аларды Риблага, Бабыл падышасына алып кетти.

21 Бабыл падышасы аларды Хамат жеринде, Риблада өлтүрдү. Ошентип, жүйүттөр өз жеринен туткундалып кетишти.

**Гедалия – Жүйүт башчысы**

22 Бабыл падышасы Небухаданасар Жүйүт жеринде калтырган элге Шапан уулу, Акикам уулу Гедалияны башчы кылып койду.

23 Бардык аскер башчылар жана алардын кишилери Бабыл падышасынын Гедалияны башкаруучу койгонун угушканда, Гедалияга, Миспага келишти, атап айтканда, алар: Нетаниянын уулу Ысмайыл, Карейахтын уулу Жоханан, нетопалык Танхуметтин уулу Серая, маахалык бир кишинин уулу Жазания жана алардын кишилери.

24 Гедалия аларга, алардын кишилерине мындай деп ант берди: «Каздимдердин бийлиги астында болуудан коркпогула, ушул жерде жашай бергиле, Бабыл падышасына кызмат кылгыла, ошондо силерге жакшы болот».

25 Бирок жетинчи айда падыша тукумунан болгон Элишама уулу, Нетания уулу Ысмайыл он киши менен келип, Гедалияны жана Миспада аны менен жүргөн жүйүттөр менен каздимдерди өлтүрүп салды.

26 Ошондо бүт эл, кичинесинен чоңуна чейин, аскер башчылар да Мисирге кетишти, анткени каздимдерден коркушту.

**Жайахиндин зындандан чыгарылышы**

27 Жүйүт падышасы Жайахиндин туткундалып келгенине отуз жети жыл болгондо, он экинчи айдын жыйырма жетинчи күнү Бабыл падышасы Эбил-Мередах такка отурганына бир жыл болгондо, Жүйүт падышасы Жайахинди зындандан чыгарды.

28 Аны менен жакшы сүйлөштү, анын тактысын Бабылдагы падышалардын тактыларынан жогору койду.

29 Анын зындан кийимдерин алмаштырды. Жайахин өмүрүнүн акырына чейин аныкынан тамактанды.

30 Өмүрүнүн акырына чейин ага Бабыл падышасы Эбил-Мередах тарабынан кам көрүлдү.

**Биринчи Жылнаама китеби**

**1-БӨЛҮМ**

**Санжыра. Эйсенин тукуму**

1 Адам, Шет, Энош,

2 Кейнан, Маалалел, Жарет,

3 Энох, Матушал, Лемек,

4 Нух, Шейим, Хам жана Жепет.

5 Жепеттин уулдары: Гомер, Магог, Мадай, Жабан, Тубал, Мешех жана Тирас.

6 Гомердин уулдары: Ашкыназ, Рипат жана Тогарма.

7 Жабандын уулдары: Элиша, Таршыш, Китим жана Роданим.

8 Хамдын уулдары: Куш, Мисрайым, Пут жана Канаан.

9 Куштун уулдары: Себа, Хабила, Сапта, Раама жана Саптеха. Рааманын уулдары: Шеба менен Дыдан.

10 Куштан ошондой эле Нимрот төрөлдү. Ал жер үстүндө эң күчтүү адам боло баштады.

11 Мисрайимден Лут, Анамим, Леябим, Наптухим,

12 Патрус, Каслухим төрөлдү, алардан пелиштиликтер менен капторлуктар тарады.

13 Канаандан тун уулу Сидон, Хет,

14 Жебус, Амор, Гиргеш,

15 Хиби, Арк, Сини,

16 Арба, Семари жана Хамати төрөлдү.

17 Шемдин уулдары: Эйлам, Ашур, Арпакшат, Лут, Рам, Ус, Хул, Гетер жана Мешех.

18 Арпакшаттан Шелах төрөлдү, Шелахтан Эйбер төрөлдү.

19 Эйберден эки уул төрөлдү: биринин ысымы – Пелек, анткени анын убагында жер бөлүнгөн. Анын бир тууганынын ысымы – Жоктан.

20 Жоктандан Алмадат, Шелеп, Хатсар-Мабет, Жерах,

21 Адорам, Узал, Дикла,

22 Эйбал, Абымайыл, Шеба,

23 Опур, Хабила жана Жобап төрөлдү. Булардын баары – Жоктандын уулдары.

24 Шем, Арпакшат, Шелах,

25 Эйбер, Пелек, Рейу,

26 Серук, Нахор, Терах,

27 Ыбрам (Ыбрайым).

28 Ыбрайымдын уулдары: Ыскак менен Ысмайыл.

29 Булардын санжырасы мындай: Ысмайылдын туну Ныбайот, андан кийин Кейдар, Адбаел, Мипсам,

30 Мишма, Дума, Маса, Хадат, Тейма,

31 Жетур, Напиш жана Кедма. Булар – Ысмайылдын уулдары.

32 Ыбрайымдын күң аялы Кетурадан төрөлгөн уулдар: Зимран, Жокшан, Медан, Мидиан, Жишпах жана Шубах. Жокшандын уулдары: Шеба менен Дедан.

33 Мидиандын уулдары: Эйпа, Эйпер, Ханох, Абида жана Элдаа. Булардын баары – Кетуранын уулдары.

34 Ыбрайымдан Ыскак төрөлдү. Ыскактын уулдары: Эйсап менен Ысрайыл.

35 Эйсаптын уулдары: Элипаз, Ребуел, Жейуш, Жалом жана Корак.

36 Элипаздын уулдары: Тейман, Омар, Сепи, Гатам, Кеназ, Амалык.

37 Ребуелдин уулдары: Нахат, Зерах, Шама жана Миза.

38 Сеирдин уулдары: Лотан, Шобал, Сибон, Ана, Дишон, Эйитсер жана Дишан.

39 Лотандын уулдары: Хори менен Омам. Ал эми Лотандын карындашы Тимна.

40 Шобалдын уулдары: Алыйан, Манахат, Эйбал, Шепо жана Онам. Сибондун уулдары: Айа менен Ана.

41 Ананын уулу – Дишон. Дишондун уулдары: Хамран, Эшпан, Итран менен Керан.

42 Эйитсердин уулдары: Билан, Заабан жана Акан. Дишандын уулдары: Ус менен Аран.

43 Ысрайыл уулдарына падышалар коюлганга чейин Эдом жеринде падышачылык кылган падышалар булар: Бейордун уулу Бела, ал жашаган шаардын аты – Динаба.

44 Бела көз жумуп, анын ордуна Ботсрадан чыккан Зерахтын уулу Жобап падышачылык кылды.

45 Жобап көз жумуп, анын ордуна теймандыктардын жеринен чыккан Хушам падышачылык кылды.

46 Хушам көз жумуп, анын ордуна Маап талаасында мидиандарды кырган Быдаттын уулу Адат падышачылык кылды. Анын шаарынын аты – Абыт.

47 Адат көз жумуп, анын ордуна Масрейкадан чыккан Самла падышачылык кылды.

48 Самла көз жумуп, анын ордуна дарыя боюндагы Рехоботтон чыккан Шабул падышачылык кылды.

49 Шабул көз жумуп, анын ордуна Акбардын уулу Баал-Канан падышачылык кылды.

50 Баал-Канан көз жумуп, анын ордуна Хадар падышачылык кылды. Анын шаарынын аты – Пайы. Анын аялынын аты – Мейтабел, ал – Матрейданын кызы, Матрейда – Мей-Зааптын кызы.

51 Хадар көз жумуп, Эдомду башчылар башкарды: Тимна башчы, Алба башчы, Жетейт башчы,

52 Олибама башчы, Эйла башчы, Пинон башчы,

53 Кеназ башчы, Тейман башчы, Мипсар башчы,

54 Магдиел башчы, Ирам башчы. Эдомдуктардын башчылары мына ушулар.

## 2-БӨЛҮМ

### Жакып менен Жүйүттүн тукуму

1 Ысрайылдын уулдары булар: Рубейин, Шымон, Леби, Жүйүт, Исахар, Забулун,

2 Дан, Жусуп, Бенжемин, Напталы, Гат жана Ашыр.

3 Жүйүттүн уулдары: Эйир, Онан жана Шило. Бул үч уулу канаандык Шуйинин кызынан төрөлгөн. Жүйүттүн тун уулу Эйир Теңирге жаккан эмес, ошондуктан Ал аны өлтүрүп салган.

4 Келини Тамар ага Перес менен Зеракты төрөп берди. Жүйүттүн бардыгы болуп беш уулу болгон.

5 Перестин уулдары: Хесрон менен Хамул.

6 Зерактын уулдары: Зимри, Эйтан, Эйман, Калкол жана Дара. Бардыгы болуп бешөө.

7 Карминин уулу – Ахар (Ахан), ал Кудайга арналган буюмдарды алып, Ысрайылдын башына мүшкүл түшүргөн.

8 Эйтандын уулу – Азария.

9 Хесрондун уулдары: Жерахмейел, Рам жана Хелубай.

10 Рамдан Аминадап төрөлдү. Аминадаптан Жүйүт уулдарынын төрөсү Нахшон төрөлдү.

11 Нахшондон Салмон төрөлдү. Салмондон Брууз төрөлдү.

12 Бууздан Обейт төрөлдү. Обейттен Жышай төрөлдү.

13 Жышайдын тун баласы – Элийап, экинчи уулу – Аминадап, үчүнчүсү – Шима,

14 төртүнчүсү – Натанаел, бешинчиси – Радай,

15 алтынчысы – Отсем, жетинчиси – Дөөт.

16 Булардын карындаштары: Серуя менен Абигейил. Серуянын үч уулу: Абышай, Жойап жана Асаел.

17 Абигейил Амасаны төрөдү. Амасанын атасы ысмайылдык Жетер болгон.

18 Хесрондун уулу Калептин Жерийоттун кызы Азубадан төрөлгөн уулдары: Жейшер, Шобап жана Ардон.

19 Азуба көз жумгандан кийин, Калеп Эпратка үйлөндү, ал Хурду төрөп берди.

20 Хурдан Ури төрөлдү. Уриден Бетселел төрөлдү.

21 Андан кийин Хесрон алтымыш жашка келгенде, Гилаттын атасы Махирдин кызын алды. Ал ага Сегупту төрөп берди.

22 Сегуптан Жайыр төрөлдү, Гилат жеринде анын жыйырма үч шаары болгон.

23 Бирок гешурлар менен сириялыктар Жайырдын кыштактарын, Кенат шаарын жана ага караштуу алтымыш шаарды каратып алышты. Бул шаарлардын бардыгы Гилаттын атасы Махирдин уулдарыныкы болгон.

24 Хесрон Калеп-Эфратада көз жумду. Ал өлгөндөн кийин, анын аялы Абия ага Текоянын атасы Ашкурду төрөп берди.

25 Хесрондун тун уулу Жерахмейелдин уулдары: Рам, бул – туну, артынан Буна, Орен, Отсем жана Акия төрөлдү.

26 Жерахмейелдин дагы бир аялы болгон, анын аты Атара эле, ал – Онамдын энеси.

27 Жерахмейелдин тун уулу Рамдын уулдары: Маас, Жамин жана Эйкер.

28 Онамдын уулдары: Шамай менен Жада. Шамайдын уулдары: Надап менен Абышур.

29 Абышурдун аялынын аты – Абикейил. Ал ага Акбан менен Молидди төрөп берди.

30 Надаптын уулдары: Селет менен Апайым. Селет бала көрбөй өттү.

31 Апайымдын уулу – Жиши, Жишинин уулу – Шейшан, Шейшандын уулу – Аклай.

32 Шамайдын бир тууганы Жаданын уулдары: Жетер менен Жонатан. Жетер бала көрбөй өттү.

33 Жонатандын уулдары: Пелет менен Заза. Булар – Жерахмейелдин уулдары.

34 Шейшандын эркек балдары болгон эмес, кызы гана болгон. Шейшандын мисирлик кулу бар эле, аты Жарха болчу.

35 Шейшан өз кызын ошол кулу Жархага аялдыкка берди. Ал ага Атайды төрөп берди.

36 Атайдан Натан төрөлдү. Натандан Забат төрөлдү.

37 Забаттан Эплал төрөлдү. Эплалдан Обейт төрөлдү.

38 Обейттен Жейу төрөлдү. Жейудан Азария төрөлдү.

39 Азариядан Хелез төрөлдү. Хелезден Элас төрөлдү.

40 Эластан Сисемай төрөлдү. Сисемайдан Шалум төрөлдү.

41 Шалумдан Жекамия төрөлдү. Жекамиядан Элишама төрөлдү.

42 Жерахмейелдин бир тууганы Калептин уулдары: Мейша, ал – тун баласы, Зуптун атасы. Калептин уулу – Марейша, Марейшанын уулу – Хеброн.

43 Хеброндун уулдары: Корак, Тапуах, Рекем жана Шема.

44 Шемадан Жоркеямдын атасы Рахам төрөлдү. Ал эми Рекемден Шамай төрөлдү.

45 Шамайдын уулу – Маон. Маон – Бейт-Сурдун атасы.

46 Калептин күң аялы Эйпа Харанды, Мотсаны жана Газести төрөдү. Харандан Газес төрөлдү.

47 Жадайдын уулдары: Регем, Жотам, Гейшан, Пелет, Эйпа жана Шаап.

48 Калептин күң аялы Мааха Шебер менен Тирханды төрөдү.

49 Ал Мадмананын атасы Шаапты, Махбейнанын атасы Шебаны жана Гибанын атасын да төрөдү. Калептин кызы – Акса.

50 Калептин уулдары мына булар: Эпраттан төрөлгөн тун баласы – Хур, Кирийат-Жейаримдин атасы – Шобал.

51 Бейт-Лехемдин атасы – Салма. Бейт-Гадейирдин атасы – Хареп.

52 Кирийат-Жейаримдин атасы Шобалдын уулдары: Аройе, менухоттордун жарымы.

53 Кирийат-Жейаримдин уруулары: житриликтер, путтуктар, шуматтыктар жана мишрайлыктар. Булардан соралыктар менен эштаулдуктар тараган.

54 Салманын уулдары: Жаабап тукумунун таажысы болгон бейт-лехемдиктер менен нетопалыктар, манахиттердин жарымын түзгөн соралыктар,

55 Жабесте жашаган сопереттиктердин уруулары: тирликтер, шимейликтер, сухаттыктар. Булар – Бейт-Рейкаптын атасы Хаматтан тараган кейниликтер.

## 3-БӨЛҮМ

### Дөөттүн тукуму. Жүйүт падышалары

1 Дөөттүн Хеброндо төрөлгөн уулдары булар: тун уулу – Амнон, ал изрейелдик аялы Акинаамдан төрөлгөн; экинчи уулу – Даниел, ал кармелдик аялы Абигейилден төрөлгөн;

2 Үчүнчү уулу – Абышалом, ал Гешур падышасы Талмайдын кызы Маахадан төрөлгөн; төртүнчү уулу – Адония, ал Кагыттан төрөлгөн;

3 Бешинчи уулу – Шепатия, ал Абыталдан төрөлгөн; алтынчы уулу – Житреям, ал Эгладан төрөлгөн.

4 Анын бул алты уулу Хеброндо төрөлгөн. Ал жерде ал жети жыл, алты ай падышачылык кылган. Отуз үч жыл Иерусалимде падыша болгон.

5 Анын Иерусалимде төрөлгөн уулдары булар: Шима, Шобап, Натан, Сулайман. Бул төртөө Амиелдин кызы Бат-Шебадан төрөлгөн.

6 Дөөттүн дагы тогуз уулу болгон: Жибхар, Элишама, Элипелет,

7 Нога, Непек, Жапия,

8 Элишама, Элийада жана Элипелет.

9 Булар – Дөөттүн күң аялдарынан төрөлгөн уулдарынан тышкаркы уулдары. Тамар алардын карындашы болгон.

10 Сулаймандын уулу – Рехабам. Рехабамдын уулу – Абиям. Абиямдын уулу – Аса. Асанын уулу – Жошапат.

11 Жошапаттын уулу – Жорам. Жорамдын уулу – Ахазай. Ахазайдын уулу – Жааш.

12 Жааштын уулу – Аматсия. Аматсиянын уулу – Азария. Азариянын уулу – Жотам.

13 Жотамдын уулу – Ахаз. Ахаздын уулу – Хиския. Хискиянын уулу – Менаше.

14 Менашенин уулу – Амон. Амондун уулу – Жошия.

15 Жошиянын уулдары: туну – Жаахаз, экинчиси – Жайаким, үчүнчүсү – Ситкия, төртүнчүсү – Шалум.

16 Жайакимдин уулдары: Жайахин, Жайахиндин уулу – Ситкия.

17 Жайахиндин уулдары: Асир, Асирдин уулу – Шалтиел;

18 Малкирам, Педая, Шенатсар, Жекамия, Ошама жана Недабия.

19 Педаянын уулдары: Зоробабыл менен Шимей. Зоробабылдын уулдары болсо: Мешулам менен Ханания, алардын карындашы – Шеломит,

20 Зоробабылдын дагы беш уулу болгон: Хашуба, Ойел, Берекия, Хасадия жана Жушап-Хесет.

21 Хананиянын уулдары: Пелатия менен Ышайа. Анын уулу – Репая, анын уулу – Арнан, анын уулу – Обадия, анын уулу – Шехания,

22 Шеханиянын уулу – Шемая. Шемаянын уулдары: Хатуш, Игал, Бариах, Неярия жана Шапат – алтоо.

23 Неяриянын уулдары: Элийойнай, Хиския жана Азрикам – үчөө.

24 Элийойнайдын уулдары: Одабия, Элийашип, Пелая, Акуп, Жоханан, Делая жана Анани – жетөө.

**4-БӨЛҮМ**

**Жүйүт менен Шымондун тукуму**

1 Жүйүттүн уулдары: Перес, Хесрон, Карми, Хур жана Шобал.

2 Шобалдын уулу Рейайдан Жахат төрөлдү. Жахаттан Акумай жана Лаада төрөлдү. Алардан Сора уруулары тарады.

3 Эйтамдын уулдары булар: Изрейел, Жишма, Житпаш, булардын карындашынын ысымы – Атселелпони.

4 Гедордун атасы – Пенуел, Куштун атасы – Эйзер. Булар – Бейт-Лехемдин атасы Эпраттын туну Хурдун уулдары.

5 Текоянын атасы Ашкурдун Хела жана Наара деген эки аялы болгон.

6 Наара ага Акузамды, Хейперди, Тейменини жана Акаштарды төрөп берди. Булар – Наaранын уулдары.

7 Хеланын уулдары: Серет, Сохар жана Этнан.

8 Кутустан Ануп, Собеп төрөлдү. Кутус – Харумдун уулу Акархелден тараган уруулардын да атасы.

9 Жабес өз бир туугандарынын атактуусу болгон. Энеси: «Мен муну ооруп төрөдүм», – деп, атын Жабес койгон.

10 Жабес Ысрайылдын Кудайына мындай деп кайрылды: «Мага Өзүңдүн батаңды бер, менин жеримди кеңейт, Сенин колуң мени менен болсун, кайгы тартпашым үчүн, жамандыктан сакта!» Кудай анын сураганын берди.

11 Шуханын бир тууганы Хелуптан Мехир төрөлдү. Ал Эштонанын атасы болду.

12 Эштонадан Бейт-Рапа, Пасейах жана Нахаш шаарынын атасы Техина төрөлдү. Булар – Рейханын тургундары.

13 Кеназдын уулдары: Отниел жана Серая. Отниелдин уулу – Хатат.

14 Мейонотайдан Опра төрөлдү, Сераядан Жойап төрөлдү. Жойап өрөөндө жашаган жыгач усталардын уруу башчысы болгон, анткени алар жыгач усталар эле.

15 Жепундун уулу Калептин уулдары: Ир, Эйла жана Наам. Эйланын уулу – Кеназ.

16 Жейелелейдин уулдары: Зуп, Зипа, Тирея жана Асарел.

17 Эзранын уулдары: Жетер, Мерет, Эйпер жана Жалон. Жетерден болсо Мириям, Шамай жана Эштемоанын атасы Жишпах төрөлдү.

18 Анын аялы Жейудей Гедордун атасы Жеретти, Сохонун атасы Хеберди, Заноахтын атасы Жекутиелди төрөдү. Мереттин аялы, фараон кызы Бития да уулдарды төрөп берген.

19 Кеиланын атасы Нахамдын эжеси Одиянын аялы эле, андан төрөлгөн уулдар: маахалык Гармы менен Эштемоа.

20 Шымондун уулдары: Амнон, Рина, Бен-Канан жана Тилон. Жишинин уулдары: Зохет менен Бен-Зохет.

21 Жүйүттүн уулу Шилонун уулдары: Леханын атасы Эйир, Марейшанын атасы Лада жана Ашбеянын тукумунан чыккан кездеме токуучу уруулар.

22 Жоким менен Хозейбанын тургундары, Жааш менен Сарап Маапты жана Жашуп-Лекемди башкарып келишкен. Булардын бардыгы байыркы заманда болгон.

23 Алар карапачылар болушкан. Нетайим менен Гедерада жашап, падышанын жумушун кылышкан.

24 Шымондун уулдары: Немуел, Жамин, Жарип, Зерах жана Шабул.

25 Шабулдун уулу – Шалум, Шалумдун уулу – Мипсам, Мипсамдын уулу – Мишма.

26 Мишманын уулдары: Хамуел, Закур, Шимей.

27 Шимейдин он алты уулу жана алты кызы болгон. Анын бир туугандарынын уулдары аз эле, алардын бүтүн уруусу Жүйүт уулдарындай көп эмес эле.

28 Алар Бейер-Шебада, Моладада, Хатсар-Шуалда,

29 Билада, Этсемде, Толатта,

30 Бетуелде, Хормада, Сыклакта,

31 Бейт-Маркаботто, Хатсар-Сусимде, Бейт-Бириде жана Шаарайымда жашашкан. Дөөт падыша болуп, бийлик кылганга чейин алардын жашаган шаарлары мына ушулар.

32 Алардын айыл-кыштактары: Эйтам, Айын, Римон, Тохен жана Ашан – бешөө.

33 Алардын Баалга чейин созулуп жаткан айыл-кыштактары ушулар. Алардын жашаган жерлери жана санжырасы ушул.

34 Мешобап, Жамлек жана Аматсиянын уулу Жоша,

35 Жоел жана Асиелдин уулу, Сераянын уулу, Жошибиянын уулу Жейу.

36 Элийойнай, Жакып, Жешохая, Асая, Адиел, Жесимиел жана Беная,

37 Шемаянын уулу, Шимринин уулу, Жедаянын уулу, Алондун уулу, Шипинин уулу Зиза.

38 Бул аталгандар өз урууларынын төрөлөрү болгон жана булардын аталарынын тукуму көп урууларга бөлүнүп кеткен.

39 Булар өз малдарына жайыт табыш үчүн, Герарга чейин жана өрөөндүн күн чыгышына чейин барышкан.

40 Алар оттуу жайыттарды, жакшы конуштарды, кенен жерлерди, коопсуз, тынч өрүштөрдү таап жайланышкан, анткени аларга чейин ал жерлерде бир азыраак гана хамдыктар жашашкан.

41 Аттары жазылган ушул кишилер Жүйүт падышасы Хиския башкарып турган күндөрдө келишип, ал жерлерде отурукташкандарды да, көчүп жүргөндөрдү да талкалап, биротоло жок кылып, алардын ордуна отурукташып калышты. Анткени ал жерлерде алардын малдары үчүн жайыт бар эле.

42 Алардын арасынан, Шымондун уулдарынан Сеир тоосуна беш жүз адам барган. Алардын башында Жишинин уулдары Пелатия, Неярия, Репая жана Узиел турган.

43 Алар ал жердеги амалыктыктардын аман калгандарын кырып салышкан. Алар ушул кезге чейин ал жерде жашашат.

**5-БӨЛҮМ**

**Рубейиндин, Гаттын, Менашенин жана Лебинин тукуму**

1 Ысрайылдын тун уулу Рубейиндин уулдары (Рубейин Ысрайылдын тун уулу болгон, бирок ал өз атасынын төшөгүн булгагандыктан, анын тунгучтугу Ысрайылдын уулу Жусуптун уулдарына берилген, ал санжырага тунгуч болуп жазылган эмес.

2 Жүйүт өз бир туугандарынан алда канча күчтүү болсо да, анын уруусунан жол башчы чыкса да, тунгучтук Жусупка ыйгарылган эле).

3 Ысрайылдын туну Рубейиндин уулдары: Ханох, Палу, Хесрон жана Карми.

4 Жоелдин уулдары: Шемая, Шемаянын уулу – Гок, Гоктун уулу – Шимей,

5 Шимейдин уулу – Миха, Миханын уулу – Рейай, Рейайдын уулу – Баал,

6 Баалдын уулу – Бейра, аны Ашур падышасы Тиглат-Пилесер туткундап кеткен. Ал рубейиндиктердин төрөсү болгон.

7 Уруулары боюнча, санжырасы боюнча анын бир туугандары: биринчиси – Жейел, анан Захария менен Бела.

8 Бела – Азаздын уулу, Азаз – Шеманын уулу, Шема – Жоелдин уулу. Ал Небо менен Баал-Мейонго чейин жаткан Аройерде жашаган.

9 Чыгышта болсо ал Эфрат дарыясынан бери жаткан чөлгө чейинки жерлерде жашаган, анткени Гилат жеринде алардын малы өтө көп болчу.

10 Шабулдун доорунда алар агрылыктар менен согушуп, аларды жеңип алышкан. Анан алар Гилаттын чыгыш тарабында, агрылыктардын чатырларында жашап калышкан.

11 Гаттын уулдары алардын каршысында, Башан жеринде Салхага чейин жайгашышкан.

12 Башанда Жоел башчы болгон, Шапам экинчи, андан соң Жаанай менен Шапат турган.

13 Алардын бир туугандарынан жети уруу тараган: Михаел, Мешулам, Шеба, Жорай, Жаакан, Зия жана Эйбер.

14 Булар – Хуринин уулу Абыкайылдын уулдары. Хури – Жаройахтын уулу, Жаройах – Гилаттын уулу, Гилат – Михаелдин уулу, Михаел – Жешишайдын уулу, Жешишай – Жахдонун уулу, Жахдо – Бузанын уулу.

15 Абдиелдин уулу Аки өз уруусунун башчысы болгон. Абдиел – Гунинин уулу.

16 Алар Гилатта, Башанда жана анын карамагындагы шаарларда, Шарондун бардык аймактарынын четине чейин жайгашышкан.

17 Булардын бардыгы Жүйүт падышасы Жотамдын жана Ысрайыл падышасы Жаробамдын тушунда каттоого кирген.

18 Рубейин менен Гат уулдарынан, Менашенин жарым уруусунан калкан жана кылыч көтөргөн, жаа тарткан, согушууга үйрөтүлүп, майданга аттанган жоокерлердин саны кырк төрт миң жети жүз алтымыш болду.

19 Алар агрылыктар менен, Жетур менен, Напиш менен, Нодап менен согушкан.

20 Алар агрылыктар менен согушканда, жардам берилди, ошондо алардын колуна агрылыктар да, алардын бардык нерселери да салынып берилди. Анткени согуш учурунда алар Кудайга жалынышты, жардам сурашты. Ага таянышкандыктан, Ал аларды укту.

21 Алар агрылыктардын элүү миң төөсүн, эки жүз элүү миң майда жандыгын, эки миң эшегин, жүз миң адамын туткундап кетишти.

22 Бул салгылашуу Кудайдан болгондуктан, өлтүрүлгөндөр өтө көп эле. Өздөрү туткундалып кеткенче, алардын жеринде жашап турушту.

23 Менашенин жарым уруусунан тараган уруулар ошол жерде Башандан тартып Баал-Хермонго – Сенирге (Хермон тоосуна) чейин жайгашышкан. Алар да өтө көп болгон.

24 Алардын урууларынын уруу башчылары мына булар: Эйпер, Жиши, Элиел, Азриел, Жеремия, Одабия жана Жахдиел. Булар күч-кубаттуу, атактуу адамдар болгон, өз урууларын башкарып турган.

25 Бирок алар өз ата-бабаларынын Кудайына каршы күнөө кылышты, Кудай алардын алдынан кууп чыккан ал жердеги элдердин кудайларына табынып кетишти.

26 Ошондо Ысрайыл Кудайы Ашур падышасы Пулдун рухун жана Ашур падышасы Тиглат-Пилесердин рухун козгоду. Ал рубейиндиктер менен гаттыктарды жана Менашенин жарым уруусун туткундап, Халах менен Хаборго, Арага жана Гозан дарыясына алып кетти. Алар ошол жерлерде бүгүнкү күнгө чейин жашашат.

**6-БӨЛҮМ**

**Леби менен Арундун тукуму**

1 Лебинин уулдары: Гейиршон, Каат жана Мерари.

2 Кааттын уулдары: Амрам, Житсар, Хеброн жана Узиел.

3 Амрамдын уулдары: Арун, Муса жана Мирийам. Арундун уулдары: Надап, Абыйут, Элазар жана Итамар.

4 Элазардан Пинехас төрөлдү. Пинехастан Абышуа төрөлдү.

5 Абышуадан Буки төрөлдү. Букиден Уззи төрөлдү.

6 Уззиден Зерахия төрөлдү. Зерахиядан Мерайот төрөлдү.

7 Мерайоттон Амария төрөлдү. Амариядан Акитуп төрөлдү.

8 Акитуптан Садок төрөлдү. Садоктон Акимаас төрөлдү.

9 Акимаастан Азария төрөлдү. Азариядан Жаканан төрөлдү.

10 Жаканандан Азария төрөлдү. Ал – Иерусалимдеги Сулайман тургузган ийбадатканада ыйык кызмат кылуучу болгон киши.

11 Азариядан Амария төрөлдү. Амариядан Акитуп төрөлдү.

12 Акитуптан Садок төрөлдү. Садоктон Шалум төрөлдү.

13 Шалумдан Хилкия төрөлдү. Хилкиядан Азария төрөлдү.

14 Азариядан Серая төрөлдү. Сераядан Жетсадак төрөлдү.

15 Теңир жүйүттөрдү жана иерусалимдиктерди Небухаданасардын колуна салып бергенде, Жетсадак туткунга түшүп кеткен.

16 Ошентип, Лебинин уулдары: Гейиршон, Каат жана Мерари.

17 Гейиршон уулдарынын ысымдары булар: Либни жана Шимей.

18 Кааттын уулдары: Амрам, Житсар, Хеброн жана Узиел.

19 Мераринин уулдары: Махли менен Муши. Уруулары боюнча Леби тукуму мына ушулар.

20 Гейиршондун уулдары: Гейиршондун уулу – Либни, Либнинин уулу – Жахат, Жахаттын уулу – Зима,

21 Зиманын уулу – Жаах, Жаахтын уулу – Идо, Идонун уулу – Зерах, Зерахтын уулу – Жейатрай.

22 Кааттын уулдары: Кааттын уулу – Аминадап, Аминадаптын уулу – Корак, Кoрактын уулу – Асир,

23 Асирдин уулу – Элкана, Элкананын уулу – Эбийасап, Эбийасаптын уулу – Асир,

24 Асирдин уулу – Тахат, Тахаттын уулу – Уриел, Уриелдин уулу – Узия, Узиянын уулу – Шабул.

25 Элкананын уулдары: Амасай менен Акимот.

26 Акимоттун уулу – Элкана, Элкананын уулу – Сопай, Сопайдын уулу – Нахат,

27 Нахаттын уулу – Элийап, Элийаптын уулу – Жерохам, Жерохамдын уулу – Элкана.

28 Шемуелдин уулдары: туну – Жоел, экинчиси – Абия.

29 Мераринин уулдары: Мераринин уулу – Махли, Махлинин уулу – Либни, Либнинин уулу – Шимей, Шимейдин уулу – Уза,

30 Узанын уулу – Шима, Шиманын уулу – Хагыя, Хагыянын уулу – Асая.

31 Теңир үйүнө мыйзам сандыкты койгондон кийин Дөөт ырчыларга койгон башчылар ушулар.

32 Сулайман Иерусалимде Теңир үйүн тургузганга чейин, булар жыйын чатырында ырчылык кызматын аткарышкан. Алар өздөрүнө берилген көрсөтмө боюнча кызмат кылышкан.

33 Өз уулдары менен бирге бул кызматта тургандар мына булар: Кааттын уулдарынан – Эйман ырчы, ал – Жоелдин уулу, Жоел – Шемуелдин уулу,

34 Шемуел – Элкананын уулу, Элкана – Жерохамдын уулу, Жерохам – Элиелдин уулу, Элиел – Тойахтын уулу,

35 Тойах – Зуптун уулу, Зуп – Элкананын уулу, Элкана – Махаттын уулу, Махат – Амасайдын уулу,

36 Амасай – Элкананын уулу, Элкана – Жоелдин уулу, Жоел – Азариянын уулу, Азария – Сепаниянын уулу,

37 Сепания – Тахаттын уулу, Тахат – Асирдин уулу, Асир – Абыйасаптын уулу, Абыйасап – Корактын уулу,

38 Корак – Житсардын уулу, Житсар – Кааттын уулу, Каат – Лебинин уулу, Леби – Ысрайылдын уулу.

39 Анын оң жагында тууганы Асап турган. Ал – Берекиянын уулу, Берекия – Шиманын уулу,

40 Шима – Михаелдин уулу, Михаел – Баасеянын уулу, Баасея – Малкиянын уулу,

41 Малкия – Жепуненин уулу, Жепуне – Зерахтын уулу, Зерах – Адаянын уулу,

42 Адайа – Эйтандын уулу, Эйтан – Зиманын уулу, Зима – Шимейдин уулу,

43 Шимей – Жахаттын уулу, Жахат – Гейиршондун уулу, Гейиршон – Лебинин уулу.

44 Мераринин уулдарынан, анын сол тарабында тууганы Эйтан турду, ал – Кишинин уулу, Киши – Обадиянын уулу, Обадия – Малухтун уулу,

45 Малух – Хашабиянын уулу, Хашабия – Аматсиянын уулу, Аматсия – Хилкиянын уулу,

46 Хилкия – Амисийдин уулу, Амисий – Банинин уулу, Бани – Шемердин уулу,

47 Шемер – Махлинин уулу, Махли – Мушинин уулу, Муши – Мераринин уулу, Мерари – Лебинин уулу.

48 Алардын леби бир туугандары Кудайдын үйүндө ар кандай кызматка бекитилген.

49 Кудай Өзүнүн кулу Муса аркылуу осуяттагандай, ысрайылдыктарды бардык жагынан тазалоо үчүн, Арун жана анын уулдары курмандык чалынуучу жайда бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты өрттөп, жыпар жыттуу зат түтөтүлүүчү жайда жыпар жыттуу заттарды түтөтүп турушчу, ыйыктын ыйыгында ар кандай ыйык кызматтарды аткарышчу.

50 Арундун уулдары булар: Арундун уулу – Элазар, Элазардын уулу – Пинехас, Пинехастын уулу – Абыйут,

51 Абыйуттун уулу – Буки, Букинин уулу – Узи, Узинин уулу – Зерахия,

52 Зерахиянын уулу – Мерайот, Мерайоттун уулу – Амария, Амариянын уулу – Акитуп,

53 Акитуптун уулу – Садок, Садоктун уулу – Акимаас.

**Ыйык кызмат кылуучулар менен лебилерге берилген шаарлар**

54 Алар жашаган шаарлар жана алардын тегерегиндеги айыл-кыштактар: Каат уруусундагы Арундун уулдарына өкчөмө таш ыргытканда тийген жерлер:

55 Жүйүт жериндеги Хеброн шаары жана анын тегерегиндеги жерлер.

56 Бул шаардын талаасы менен айыл-кыштактарын Жепундун уулу Калепке беришти.

57 Арундун уулдарына дагы баш калкалай турган шаарларды: Хебронду жана Либнаны чет-жакаларындагы жерлери менен, Жатирди жана Эштемоаны чет-жакасындагы жерлери менен,

58 Хилейинди чет-жакасы менен, Дебирди чет-жакасы менен,

59 Ашанды чет-жакасы менен, Бейт-Шемешти чет-жакасы менен беришти.

60 Ал эми Бенжемин уруусунан Гебаны жана анын чет-жакасын, Алеметти жана анын чет-жакасын, Анатотту жана анын чет-жакасын беришти. Алардын урууларына бардыгы болуп он үч шаар берилди.

61 Ушул уруудагы үй-бүлөлөрдүн ичинен Кааттын калган уулдарына Менашенин жарым уруусунан өкчөмө таш боюнча он шаар берилди.

62 Гейиршондун уулдарынан тараган урууларга Исахар уруусунан, Ашыр уруусунан, Напталы уруусунан жана Башандагы Менаше уруусунан он үч шаар берилди.

63 Мераринин уулдарынан тараган урууларга Рубейин уруусунан, Гат уруусунан жана Забулун уруусунан өкчөмө таш боюнча он эки шаар берилди.

64 Ысрайыл уулдары лебилерге шаарларды жана чет-жакасындагы жерлерди ушинтип бөлүштүрүштү.

65 Алар өкчөмө таш ыргытып, Жүйүт уулдарынан тараган уруулардан, Шымон уулдарынан тараган уруулардан жана Бенжеминдин уулдарынан тараган уруулардан аттары аталган ушул шаарларды беришти.

66 Каат уулдарынын кайсы бир урууларына Эпрайым уруусунан шаарлар берилди.

67 Аларга баш калкалай турган шаарларды: Эпрайым тоосундагы Шекем шаарын жана анын чет-жакасын, Гезер шаарын жана анын чет-жакасын,

68 Жокмеямды жана анын чет-жакасын, Бейт-Коронду жана анын чет-жакасын,

69 Айалонду жана анын чет-жакасын, Гат-Римонду жана анын чет-жакасын беришти.

70 Менашенин жарым уруусунан Анейерди жана анын чет-жакасын, Биланды жана анын чет-жакасын беришти. Бул жерлер Кааттын калган урууларына берилди.

71 Гейиршондун уулдарына Менашенин жарым уруусунан Башандагы Голанды жана анын чет-жакасын, Аштаротту жана анын чет-жакасын беришти.

72 Исахар уруусунан Кедешти жана анын чет-жакасын, Дабератты жана анын чет-жакасын,

73 Рамотту жана анын чет-жакасын, Анейемди жана анын чет-жакасын;

74 Ашыр уруусунан Машалды жана анын чет-жакасын, Абдонду жана анын чет-жакасын,

75 Хукокту жана анын чет-жакасын, Рехопту жана анын чет-жакасын;

76 Напталы уруусунан Галилеядагы Кедешти жана анын чет-жакасын, Хамонду жана анын чет-жакасын, Кирийатайимди жана анын чет-жакасын беришти.

77 Ал эми Мераринин калган уулдарына Забулун уруусунан Римонду жана анын чет-жакасын, Таборду жана анын чет-жакасын беришти.

78 Рубейин уруусунан Иордандын аркы бетиндеги Иордандан чыгышка карай кеткен Жерихонун каршысындагы чөлдөгү Бетсерди жана анын чет-жакасын, Жаасты жана анын чет-жакасын,

79 Кедемотту жана анын чет-жакасын, Мейпаатты жана анын чет-жакасын беришти.

80 Гат уруусунан Гилат жериндеги Рамотту жана анын чет-жакасын, Маханайимди жана анын чет-жакасын,

81 Кешпонду жана анын чет-жакасын, Жазерди жана анын чет-жакасын беришти.

**7-БӨЛҮМ**

**Ысрайылдын калган урууларынын тукуму**

1 Исахардын уулдары: Пуя, Тола, Жашуп жана Шимрон – төртөө.

2 Толанын уулдары: Узи, Репая, Жериел, Жахмай, Жипсам жана Шемуел. Алар Толанын уруу башчылары болушкан. Алардын урууларындагы адамдар жоокерлер эле. Алардын саны Дөөттүн убагында жыйырма эки миң алты жүзгө жеткен.

3 Узинин уулу – Жизрахия. Ал эми Жизрахиянын уулдары: Михаел, Обадия, Жоел жана Жишия – бешөө. Булардын бардыгы башчылар болгон.

4 Алардын урууларында согушка даяр турган отуз алты миң жоокери болгон. Анткени алар көп аял алгандыктан, уулдары көп болгон.

5 Алардын бир туугандары болгон Исахардын урууларындагы жоокер адамдардын санжырага киргендеринин саны сексен жети миң.

6 Бенжеминдин уулдары: Бела, Бехер жана Жедийаел – үчөө.

7 Беланын уулдары: Эспон, Узи, Узиел, Жеримот жана Ири – бешөө. Уруу башчылары жоокер адамдар болгон. Алардын санжырага киргендеринин саны жыйырма эки миң отуз төрт.

8 Бехердин уулдары: Земира, Жааш, Элиезер, Элийойнай, Омри, Жереймот, Абия, Анатот жана Алемет. Булардын баары – Бехердин уулдары.

9 Санжырасында алардын уруулары боюнча, урууларга башчылык кылган жоокер адамдары жыйырма миң эки жүз болуп катталган.

10 Жедийаелдин уулу – Билан. Билandын уулдары: Жейуш, Бенжемин, Эйут, Кенаана, Зейтан, Таршыш жана Акишакар.

11 Жедийаелдин ушул уулдары уруулардын башында турган жоокер адамдар болгон. Согушка чыга тургандары он жети миң эки жүз эле.

12 Шупим жана Хупим – Ирдин уулдары. Хушим – Ахейирдин уулу.

13 Напталынын уулдары: Жахсиел, Гуни, Жетсер жана Шалум. Булар – Биладан төрөлгөн уулдары.

14 Менашенин уулдары: Асриел жана Гилаттын атасы Махир. Буларды рамдык күң аялы төрөгөн.

15 Махир Хупим менен Шупимдин карындашына үйлөнгөн, алардын карындашынын ысымы – Мааха. Дагы башка уулунун ысымы – Салапат. Салапаттын кыздары гана болгон.

16 Махирдин аялы Мааха уул төрөп, ысымын Переш койду, анын бир тууганынын ысымы – Шереш. Анын уулдары: Улам менен Рекем.

17 Уламдын уулу – Бедан. Булар – Гилаттын уулдары. Гилат – Махирдин уулу, Махир – Менашенин уулу.

18 Анын карындашы Амолехет Ишоданы, Абиезерди жана Махланы төрөгөн.

19 Шемиттин уулдары: Ахийан, Шехем, Лики жана Анияm.

20 Эпрайымдын уулдары: Шуталах, Беред, Тахат, Элат, Тахат, Забат,

21 Шутелах, Эзер жана Элат. Эпрайымдын уулдарын Гаттын тургундары өлтүрүп салышкан, анткени алар гаттыктардын малын тартып алганы барышкан.

22 Алардын атасы Эпрайым уулдарын жоктоп, көп күн аза күттү. Бир туугандары аны соороткону келишти.

23 Анан ал өз аялына жакындады. Анын боюна бүтүп, уул төрөдү. Атасы баланын ысымын Берия койду, анткени анын үйүнө мүшкүл түшкөн эле.

24 Анын Шейера деген кызы болгон. Ал кыз төмөнкү жана жогорку Бейт-Корон менен Узейин-Шейераны курду.

25 Эпрайымдын уулу – Репай, Репайдын уулу – Решеп, Решептин уулу – Телах, Телахтын уулу – Тахан,

26 Тахандын уулу – Ладан, Ладандын уулу – Амийут, Амийуттун уулу – Элишама,

27 Элишаманын уулу – Нун, Нундун уулу – Жашыя.

28 Алар ээлеген, алар турган жерлер: Бейтел жана анын карамагындагы шаарлар; чыгыш жактагы Нааран, батыш жактагы Гезер жана анын карамагындагы шаарлар; Шекем жана анын карамагындагы шаарлар, Аза жана анын карамагындагы шаарлар.

29 Ал эми Менашенин уулдары Бейт-Шейанды жана анын карамагындагы шаарларды, Таанахты жана анын карамагындагы шаарларды, Мегидону жана анын карамагындагы шаарларды, Дорду жана анын карамагындагы шаарларды ээлешкен. Ал шаарларда Ысрайыл уулу Жусуптун уулдары жашап турушкан.

30 Ашырдын уулдары: Имна, Жишпа, Жишпи менен Берия, булардын карындашы Серак болгон.

31 Бериянын уулдары: Хебер менен Малкиел. Малкиел – Бирзайиттин атасы.

32 Хеберден Жаплет, Шомер, Хотам жана алардын карындашы Шуя төрөлдү.

33 Жаплеттин уулдары: Пасах, Бимал жана Ашбат. Булар – Жаплеттин уулдары.

34 Шемердин уулдары: Аки, Рага, Хуба жана Рам.

35 Анын бир тууганы Эйлемдин уулдары: Сопах, Имна, Шейлеш жана Амал.

36 Сопахтын уулдары: Субах, Харнепер, Шубал, Бейри, Жимра,

37 Бетсер, От, Шама, Шилша, Житран жана Бейра.

38 Жетердин уулдары: Жепун, Писпа жана Ара.

39 Уланын уулдары: Арах, Ханиел жана Ритсия.

40 Булардын баары – Ашырдын уулдары, уруу башчылары, тандалган жоокер адамдары, башкы жетекчилери. Алардын санжырасына кирген, согушка даяр жоокерлердин саны жыйырма алты миң.

**8-БӨЛҮМ**

**Бенжеминдин тукуму. Шабул**

1 Бенжеминден тун уулу Бела, экинчи уулу Ашбел, үчүнчү уулу Акрак,

2 төртүнчү уулу Нох, бешинчи уулу Рапа төрөлдү.

3 Беланын уулдары: Адар, Гейра, Абыйут,

4 Абышуа, Нааман, Акойак,

5 Гейра, Шепупан жана Хурам.

6 Гебада жашап, анан Манахатка көчүрүлгөн өз урыусунун уруу башчылары болгон Эйуттун уулдары булар:

7 Нааман, Акия жана Гейра. Гейра аларды көчүрүп кеткен, андан Уза менен Акикут төрөлгөн.

8 Шахарайым өз аялдары Хушим менен Баананы коё бергенден кийин, Маап жеринде балалуу болду.

9 Алган аялы Ходеш ага Жобапты, Сибияны, Мейшаны, Малкамды төрөп берди.

10 Жейусту, Сахейди жана Мирманы да төрөдү. Уруу башчылары болгон уулдары ушулар.

11 Анын аялы Хушимден төрөлгөн уулдары – Абытуп жана Элпаал.

12 Элпаалдын уулдары: Эйбер, Мишам жана Шемет. Шемет Оно менен Лодду жана анын карамагындагы шаарларды курду.

13 Берия менен Шема Айалон тургундарынын үй-бүлө башчылары болгон. Алар Гаттын тургундарын кубалап чыгышкан.

14 Ахио, Шашак, Жереймот,

15 Зебадия, Арат, Эйдер,

16 Михаел, Жишпа жана Жоха – Бериянын уулдары.

17 Зебадия, Мешулам, Хиски, Хебер,

18 Жишмерай, Жизлия жана Жобап – Элпаалдын уулдары.

19 Жаким, Зихри, Забдий,

20 Элийенай, Силтай, Элиел,

21 Адая, Берая жана Шимрат – Шимейдин уулдары.

22 Жишпан, Эйбер, Элиел,

23 Абдон, Зихри, Ханан,

24 Ханания, Эйлам, Антотия,

25 Ипдея жана Пенуел – Шашактын уулдары.

26 Шамшерай, Шехария, Аталея,

27 Жаарешия, Эйлия жана Зихри – Жерохамдын уулдары.

28 Булар – уруу башчылары, өз урууcундагы башкы адамдар. Алар Иерусалимде жашап турушкан.

29 Гибондо гибондуктардын атасы жашаган, анын аялынын аты – Мааха,

30 анын тун уулу – Абдон, андан кийинкилери – Сур, Киш, Баал, Надап,

31 Гедор, Ахио, Зехер жана Миклот.

32 Миклоттон Шимей төрөлдү. Алар бир туугандарынын жанында, Иерусалимде бир туугандары менен бирге турушту.

**Шабул менен Жонатандын тукуму**

33 Нейирден Киш төрөлдү. Киштен Шабул төрөлдү. Шабулдан Жонатан, Малки-Шуу, Абынадап жана Эшпаал төрөлдү.

34 Жонатандын уулу – Мерибаал. Мерибаалдан Миха төрөлдү.

35 Миханын уулдары: Питон, Мелех, Таарея жана Ахаз.

36 Ахаздан Жейада төрөлдү. Жейададан Алемет, Азмабет жана Зимри төрөлдү. Зимриден Мотса төрөлдү.

37 Мотсадан Бина төрөлдү. Бинанын уулу – Репая. Репаянын уулу – Элас. Эластын уулу – Атсел.

38 Атселдин алты уулу болгон, алардын ысымдары булар: Азрикам, Бохра, Ысмайыл, Шеярия, Обадия жана Ханан. Булардын баары – Атселдин уулдары.

39 Анын бир тууганы Эйшектин уулдары: туну – Улам, экинчиси – Жейуш, үчүнчүсү – Элипелет.

40 Уламдын уулдары жоокер, жаа тарткан адамдар болгон, алардын балдары, неберелери көп эле, саны – жүз элүү. Алардын баары Бенжеминдин уулдарынан тараган.

**9-БӨЛҮМ**

**Иерусалим менен Гибондун тургундары жөнүндө**

1 Бүт ысрайылдыктар өз уруулары боюнча эсептелген. Алар Ысрайыл падышаларынын китебине жазылган. Жүйүттөр болсо мыйзамсыз иштери үчүн Бабылга туткундалып кетишкен.

2 Өздөрү ээлеп алган жерлерде, Ысрайыл шаарларында жашаган алгачкы тургундар ысрайылдыктар, ыйык кызмат кылуучулар, лебилер жана нетиндер болгон.

3 Иерусалимде Жүйүттүн кээ бир уулдары, Бенжеминдин уулдарынан, Эпрайым менен Менашенин уулдарынан жашап турушкан:

4 Жүйүттүн уулу Перестин уулдарынан Утай, Утай – Амийуттун уулу, Амийут – Омринин уулу, Омри – Имринин уулу, Имри – Банинин уулу.

5 Шилондун уулдарынан тун уулу Асая жана анын уулдары.

6 Зерактын уулдарынан Жейуел жана анын алты жүз токсон бир тууганы.

7 Бенжемин уулдарынан Салу, ал – Мешуламдын уулу, Мешулам – Одабиянын уулу, Одабия – Асенуйдун уулу,

8 Жерохамдын уулу – Жибнея, Узинин уулу – Эйла, Узи – Михринин уулу, Шепатиянын уулу – Мешулам, ал – Ребуелдин уулу, Ребуел – Жибнеянын уулу.

9 Үй-бүлөлөрү боюнча алардын бир туугандары – тогуз жүз элүү алты киши, булардын бардыгы өз урууларында үй-бүлө башчылары болгон.

**Ыйык кызмат кылуучулар жөнүндө**

10 Ал эми ыйык кызмат кылуучулар булар: Жедая, Жойарип, Жахин жана

11 Азария. Азария – Хилкиянын уулу, Хилкия – Мешуламдын уулу, Мешулам – Садоктун уулу, Садок – Мерайоттун уулу, Мерайот – Кудайдын үйүндө башкаруучу болгон Акитуптун уулу.

12 Ошондой эле Адая. Адая – Жерохамдын уулу, Жерохам – Пашкурдун уулу, Пашкур – Малкиянын уулу. Ошондой эле Масай. Масай – Адиелдин уулу, Адиел – Жахзердин уулу, Жахзер – Мешуламдын уулу, Мешулам – Мешилеймиттин уулу, Мешилеймит – Имердин уулу.

13 Ошондой эле алардын бир туугандары, өз үй-бүлөлөрүнүн башчылары – бир миң жети жүз алтымыш адам. Алар Кудайдын үйүндө ак ниет кызмат кылган эң жакшы адамдар болгон.

**Лебилер жөнүндө**

14 Ал эми лебилерден: Шемая. Ал – Хашубанын уулу, Хашуба – Азрикамдын уулу, Азрикам – Хашабиянын уулу, Хашабия Мераринин тукуму болгон.

15 Ошондой эле Бакбакар, Хереш, Галал жана Матания. Матания – Миханын уулу, Миха – Зихринин уулу, Зихри – Асаптын уулу.

16 Ошондой эле Обадия. Ал – Шемаянын уулу, Шемая – Галалдын уулу, Галал – Жедутундун уулу, Жедутун – Берекиянын уулу, Берекия – Асанын уулу, Аса – нетопалыктардын айыл-кыштактарында жашаган Элкананын уулу.

17 Ал эми дарбазачылар: Шалум, Акуп, Талмон, Акиман жана алардын бир туугандары. Алардын башчысы – Шалум.

18 Леби уулдарынын бул дарбазачылары чыгыш жактагы падыша дарбазасын бүгүнкү күнгө чейин кайтарышат.

19 Шалум – Корейдин уулу, Корей – Эбийасаптын уулу, Эбийасап – Корактын уулу. Шалум жана анын уруусундагы бир туугандары, корактыктар, кызмат абалы боюнча жыйын чатырынын босогосунда күзөтчүлөр болушкан. Алардын аталары болсо Теңирдин станынын кире беришин кайтарышкан.

20 Алардын үстүнөн мурда Элазар уулу Пинехас башчы болгон. Теңир аны колдоп турган.

21 Мешелемия уулу Захария жыйын чатырынын эшигин кайтарган.

22 Дарбазачы болуу үчүн тандалгандардын саны эки жүз он эки болгон. Алар өз кыштактары боюнча тизмеге кирген. Аларды Дөөт менен көрөгөч Шемуел ишенимдүү адамдар болгону үчүн койгон.

23 Алар да, алардын уулдары да жыйын чатырынын, Теңир үйүнүн дарбазасын кайтарып турушкан.

24 Дарбазачылар төрт тарапта: чыгышта, батышта, түндүктө, түштүктө турган.

25 Кыштактарда жашаган бир туугандары аларга мезгил-мезгили менен жети күнгө келип турушкан.

**Өзгөчө кызматка дайындалган лебилер**

26 Күзөтчүлөрдүн төрт башчысы, лебилер, ишенимдүү адамдар болгон. Аларга Кудай үйүнүн турак-жайлары менен казынасын кайтаруу дайындалган.

27 Кудай үйүнүн айланасында алар түн күзөтүшкөн, анткени аларга кайтаруу иши тапшырылган. Алар ар күнү эртең менен эшиктерди ачып туруулары керек эле.

28 Алардын кээ бирөөлөрү кызмат кылууда колдонулуучу идиштерге жооптуу болуп дайындалышкан, алар идиштерди эсептеп кабыл алып, эсептеп берип турушкан.

29 Башкаларына башка буюмдар менен керектүү ыйык нерселер: эң жакшы деп эсептелген ун, шарап, зайтун майы, жыпар жыттуу заттар тапшырылган.

30 Ыйык кызмат кылуучулардын уулдарынын кээ бири жыпар жыттуу заттардан жыпар жыттуу аралашма жасап турушкан.

31 Корактык Шалумдун тун уулуна – лебилерден чыккан Мататияга көмөч казанга нан бышыруу тапшырылган.

32 Ишемби сайын нан курмандыктарын коюп туруу үчүн, алардын Каат уулдарынан тараган бир туугандарынын кээ бирлерине нан курмандыктарын бышыруу тапшырылган.

33 Ырчылар – Леби урууларындагы уруу башчылар ийбадатканадагы бардык кызматтардан бошотулган, анткени алар күнү-түнү өз кызматын кылууга милдеттүү болчу.

34 Булар – леби урууларынын уруу башчылары, өз урууларынын башчылары. Алар Иерусалимде турушкан.

35 Гибондуктардын атасы Жейел Гибондо жашаган, анын аялынын аты – Мааха,

36 анын тун уулу – Абдон, андан кийин Сур, Киш, Баал, Нейир, Надап,

37 Гедор, Ахио, Захария жана Миклот.

38 Миклоттон Шимам төрөлдү. Алар өздөрүнүн бир туугандарынын жанында, Иерусалимде бир туугандары менен бирге жашап турушкан.

39 Нейирден Киш төрөлдү, Киштен Шабул төрөлдү, Шабулдан Жонатан, Малки-Шуу, Абынадап жана Эшпаал төрөлдү.

40 Жонатандын уулу – Мерибаал. Мерибаалдан Миха төрөлдү.

41 Миханын уулдары: Питон, Мелех, Тахрей жана Ахаз.

42 Ахаздан Жара төрөлдү. Жарадан Алемет, Азмабет жана Зимри төрөлдү. Зимриден Мотса төрөлдү.

43 Мотсадан Бина төрөлдү. Бинанын уулу – Репая, Репаянын уулу – Элас, Эластын уулу – Атсел.

44 Атселдин алты уулу болгон, алардын ысымдары: Азрикам, Бохра, Ысмайыл, Шеярия, Обадия жана Ханан. Булар – Атселдин уулдары.

## 10-БӨЛҮМ

### Шабулдун өлүшү

1 Пелиштиликтер ысрайылдыктар менен согушуп жатышты. Ысрайылдыктар пелиштиликтерден качып, Гилбоя тоосунда кырылып жатышты.

2 Пелиштиликтер Шабулдун жана анын уулдарынын артынан түшүп, Шабулдун уулдарын: Жонатанды, Абынадапты, Малки-Шууну өлтүрүштү.

3 Шабулга каршы салгылаш күч алды. Жаа аткычтар Шабулду атып, аны катуу жарадар кылышты.

4 Шабул курал көтөргөн жигитине: «Кылычыңды кынынан сууруп, мени мууздап сал, болбосо мына бул сүннөткө отургузулбагандар келип, мени мазакташат», – деди. Бирок курал көтөргөн жигит макул болгон жок, анткени аябай коркуп кетти. Ошондо Шабул кылычын сууруп алып, ага сайыла жыгылды.

5 Курал көтөргөн жигит Шабулдун өлгөнүн көргөндө, өз кылычына өзү сайыла жыгылды.

6 Шабул өлдү, анын үч уулу, аны менен бирге бүт үй-бүлөсү өлдү.

7 Өрөөндөгү ысрайылдыктар бардыгынын качып баратканын, Шабулдун жана анын уулдарынын өлгөнүн көрүшкөндө, шаарларын таштап, туш-тушка качып кетишти. Ал шаарларга пелиштиликтер келип отурукташып алышты.

8 Эртеси күнү пелиштиликтер өлгөндөрдү тоногону келишкенде, Гилбоя тоосунан Шабулдун жана анын уулдарынын өлүгүн табышты.

9 Алар Шабулдун кийимин чечип, башын кесип, курал-жарагын алып, өз буркандарынын жана элдин алдында жарыялаш үчүн, Пелишти жерине киши жөнөтүштү.

10 Анын курал-жарагын өз кудайларынын бутканасына коюшту, башын Дагон үйүнүн ичине сайып коюшту.

11 Гилатта жашаган бүт жабештиктер пелиштиликтердин Шабулду эмне кылганын угушту.

12 Ошондо алардын бардык эр жүрөк адамдары келип, Шабулдун жана анын уулдарынын өлүгүн алып, Жабешке алып келишти да, Жабештеги эмен дарагынын түбүнө көмүштү жана жети күн орозо кармашты.

**Шабулдун мыйзамсыздык кылгандыгы үчүн падышачылыктан ажырашы**

13 Шабул өзүнүн Теңирдин алдында кылган мыйзамсыздыгы үчүн, Теңирдин сөздөрүн сактабагандыгы үчүн жана Теңирдин эркин сурабай, сыйкырчы аялга кайрылгандыгы үчүн мына ушинтип өлдү.

14 Ошондуктан Теңир аны өлтүрдү да, падышачылыкты Жышай уулу Дөөткө өткөрүп берди.

## 11-БӨЛҮМ

**Дөөттүн падыша болушу**

1 Бардык ысрайылдыктар Хебронго, Дөөттүн алдына чогулушту да, мындай дешти: «Биз сенин сөөгүңбүз жана денеңбиз.

2 Мурун эле, Шабул падыша болуп турганда эле, сен Ысрайылды алып чыгып, алып кирип тургансың. Ошондо Кудай-Теңириң сага мындай деген: “Менин элим Ысрайылды сен кайтарасың, Менин элим Ысрайылга сен жол башчы болосуң”».

3 Ошентип, Ысрайылдын бардык аксакалдары Хебронго, падышага келишти. Дөөт Теңирдин алдында, Хеброндо алар менен келишим түздү. Алар Теңирдин Шемуел аркылуу айткан сөзү боюнча Дөөттү Ысрайылга падыша кылып майлашты.

**Иерусалим – бириккен падышачылыктын борбору**

4 Дөөт менен бүт ысрайылдыктар Иерусалимге, башкача айтканда, Жебуска бет алышты. Ал жерде ошол жердин жергиликтүү тургундары жебустуктар жашашчу.

5 Жебустун тургундары Дөөткө: «Бул жакка сен кирбейсиң», – дешти. Бирок Дөөт Сион сепилин басып алды. Ал Дөөттүн шаары болуп калды.

6 Дөөт: «Ким баарынан мурда жебустуктарды кыйратып кирсе, ал жетекчи жана аскер башчы болот», – деди. Ошондо баарынан мурда Серуянын уулу Жойап кирип, аскер башчы болуп калды.

7 Дөөт ошол сепилде жашагандыктан, аны Дөөттүн шаары деп атап калышты.

8 Ал Милодон тартып шаарды тегерете бүт айланасын кайрадан курду, Жойап болсо шаардын калган бөлүгүн жаңыртып чыкты.

9 Дөөт чоң ийгиликтерге жетип, зоболосу көтөрүлө берди. Себайот Теңир аны менен болду.

**Дөөттү колдогон эр жүрөк адамдар**

10 Теңирдин сөзү боюнча Дөөттү Ысрайылга падыша коюш үчүн, бардык ысрайылдыктар менен бирге анын падышачылыгын колдогон эң күчтүү адамдарынын башчылары булар:

11 Дөөттүн эр жүрөк адамдары булар: отуз жоокердин башчысы – Ахаман уулу Жашобам. Ал найзасын үч жүз кишиге көтөрүп, аларды бир жолку салгылашта талкалады.

12 Андан кийинкиси, үч эр жүрөктүн бири – акойактык Додонун уулу Элазар.

13 Ал Дөөт менен Паз-Дамимде болгон, ал жерге пелиштиликтер согушууга келишкен. Ал жерде талаанын бир бөлүгүнө арпа себилген болчу. Ысрайылдыктар пелиштиликтерден качып жөнөштү.

14 Бирок алар талаанын ортосуна туруп, аны сактап калышты, пелиштиликтерди кыйратышты. Ошондо Теңир аларга улуу куткарылуу тартуулады.

15 Пелиштиликтердин кошууну Репа уулдарынын жерине жайланышкан кезде, отуз баатырдын бул үч кол башчысы аскага чыгып, Дөөткө, Адулам үңкүрүнө келишти.

16 Ошол кезде Дөөт бекемделген жерде болчу, пелиштиликтердин күзөт аскерлери болсо ал кезде Бейт-Лехемде турган.

17 Дөөт абдан суусап: «Ким дарбазанын жанындагы Бейт-Лехем кудугунан суу алып келип, менин суусунумду кандырат?» – деди.

18 Ошондо бул үч эр жүрөк пелиштиликтердин кошуунун жарып өтүп, дарбазанын жанындагы Бейт-Лехем кудугунан суу сузуп, Дөөткө алып келип беришти. Бирок Дөөт ичкиси келген жок, ал сууну Теңирдин даңкы үчүн төгүп салды да, мындай деди:

19 «Теңир, мени ушул сууну ичкенден сакта! Өлүмгө баш койгон бул эр жигиттердин канын ичмек белем! Анткени булар өз өмүрүн тобокелге салып, суу алып келишти», – деди. Ошентип, ал сууну ичпей койду. Бул үч эр жүрөк ушундай эрдик кылган.

20 Үч баатырдын ичинен Жойаптын бир тууганы Абышай башчы болчу. Ал өз найзасы менен үч жүз адамды өлтүргөн. Тигил үчөөнүн арасында анын кадыры бар эле.

21 Үчөөнүн ичинен ал эң атактуусу болгон, ал экөөнүн башчысы болгон, бирок тигил үчөөнө тең келчү эмес.

22 Улуу иштерди кылган капсейелдик эр жүрөк адам – Жойат уулу Беная. Беная мааптык Ариелдин эки уулун өлтүргөн. Ак карлуу кышта орго түшүп, арстанды өлтүргөн.

23 Ал бою беш чыканак болгон мисирлик алп адамды өлтүргөн. Мисирлик алптын колундагы найзасы токуучу куралдын баканындай эле. Бирок ал ага союл менен чыгып, мисирликтин колунан найзасын жулуп алып, аны өз найзасы менен өлтүргөн.

24 Жойат уулу Беная мына ушундай кылган. Тигил үч эр жүрөктүн арасында анын кадыры бар эле.

25 Ал отуздун эң атактуусу эле, бирок үчөөнө тең келчү эмес. Дөөт аны өз буйруктарын аткарган жакын кишиси кылып койду.

26 Ал эми жоокерлердин эң күчтүүлөрү булар: Жойаптын бир тууганы Асаел, бейт-лехемдик Додо уулу Элханан,

27 арордук Шамот, пелондук Хейлез,

28 текоялык Икеш уулу Ира, анатоттук Абиезер,

29 хушалык Сипкай, акойактык Илай,

30 нетопалык Марай, нетопалык Баана уулу Хейлет,

31 Бенжеминдин Гибасынан Рибайдын уулу Итай, пиратондук Беная,

32 нахалей-гаашалык Хурай, аравиялык Абиел,

33 бакарумдук Азмабет, шаалбондук Элийакпа.

34 Гизондук Ашейимдин уулдары: арардык Шагей уулу Жонатан,

35 арардык Сакар уулу Ахиям, Урдун уулу Элипал,

36 мехейралык Хейпер, пелондук Акия,

37 кармелдик Хесро, Эзбайдын уулу Наарай,

38 Натандын бир тууганы Жоел, Агринин уулу Мибхар,

39 амондук Селек, бейроттук Нахрай, Серуянын уулу Жойаптын курал көтөрүп жүрүүчүсү,

40 житрилик Ира, житрилик Гареп,

41 хеттик Урий, Аклайдын уулу Забат,

42 рубейиндик Шиза уулу Адынай, ал – рубейиндиктердин башчысы, анын да отуз эр жүрөк кишиси болгон.

43 Мааханын уулу Ханан, митнилик Жошапат,

44 аштароттук Узия, аройердик Хотамдын уулдары Шама менен Жейел,

45 Шимринин уулу Жедийаел жана анын бир тууганы тистик Жоха,

46 махабимдик Элиел, Элнаамдын уулдары Жерибай менен Жашабия жана мааптык Житма,

47 Метсобайдан чыккан Элиел, Обейт жана Жаасиел.

**12-БӨЛҮМ**

**Сыклакка, Дөөттүн жанына чогулган эр жүрөк адамдар**

1 Дөөт Сыклакта Киштин уулу Шабулдан жашынып жүргөн кезде, салгылашта ага жардам берүү үчүн келген эр жүрөк адамдар булар.

2 Алар жаа менен куралданган, оң колу менен да, сол колу менен да таш ыргыткан, жаа тарткан адамдар болушкан. Алар – Бенжеминден тараган Шабулдун бир туугандары:

3 эң башкысы – Акиезер, андан кийинкиси – Жааш, булар – гибалык Шемаянын уулдары. Азмабеттин уулдары Жезиел менен Пелет, анатоттук Берак менен Жейу.

4 Отуздун ичинен эр жүрөк, отузду башкарган гибондук Жишмая, Жеремия, Жахазиел, Жоханан жана гедейралык Жозабат,

5 Элузай, Жеримот, Беялия, Шемария, харуптук Шепатия,

6 Элкана, Жишия, Азариел, Жоезер жана Жашабам, кoрактыктар,

7 Гедорлук Жерохамдын уулдары Жоела менен Зебадия.

8 Калкан, найза менен куралданган, эр жүрөк жоокер, гаттык аскерлер чөлгө, Дөөт жашынган бекемделген жерге өтүп келишти. Алар жүздөрүндө арстандын сүрү бар, тоодогу жейрендей тез чуркаган адамдар эле.

9 Башчысы – Эйзер, экинчиси – Обадия, үчүнчүсү – Элийап,

10 төртүнчүсү – Мишмана, бешинчиси – Жеремия,

11 алтынчысы – Атай, жетинчиси – Элиел,

12 сегизинчиси – Жоханан, тогузунчусу – Элзабат,

13 онунчусу – Жеремия, он биринчиси – Махбанай.

14 Гаттын бул уулдары аскер башчылар эле: кичүүсү – жүз башы, улуусу – миң башы.

15 Биринчи айда, Иордан дарыясы ташкындап турган кезде, Иордандан өткөн ушулар болчу. Алар өрөөндүн чыгышы менен батышында жашагандардын бардыгын туш-тушка кууп жиберишкен.

16 Дөөттүн сепилине Бенжемин менен Жүйүттүн уулдарынан да өтүп келишти.

17 Дөөт аларды тосуп чыгып: «Эгерде силер мага жардам бергени, тынчтык ой менен келсеңер, анда менин жүрөгүм силер менен бирге болсун. Менин колумда жамандык жок болгонуна карабастан, эки жүздүүлүк менен душмандарымдын колуна салып бергени келсеңер, анда ата-бабаларыбыздын Кудайы көрүп турат, Ал Өзү жазалайт», – деди.

18 Отуздун башчысы Амасайды рух каптап, ал: «Тынчтык сага, Дөөт, биз сени мененбиз, Жышайдын уулу. Тынчтык сага, жардамчыларыңа да тынчтык, анткени сага Кудайың жардам берип жатат», – деди. Ошондо Дөөт аларды кабыл алып, аскер башчы кылып койду.

19 Дөөт пелиштиликтер менен бирге Шабулга каршы согушка бара жатканда, Менаше тукумунан да кээ бирөөлөр Дөөт тарапка өтүп кетишкен, бирок Дөөт аларга жардам берген эмес, себеби пелиштиликтердин башчылары өз ара кеңешип: «Биздин башыбызга мүшкүл түшүрүп, ал өз мырзасы Шабул тарапка өтүп кетет», – деп, аны артка жөнөтүп жиберишкен.

20 Дөөт Сыклакка кайтып келе жатканда, Менашенин миң башылары Аднак, Жозабат, Жедийаел, Михаел, Жозабат, Элийу жана Силтай ал тарапка өтүштү.

21 Алар Дөөткө сансыз аскерлер менен согушууда жардам беришти. Бул адамдардын баары эр жүрөк адамдар жана аскер башчылар болушкан.

22 Ошентип, Дөөткө күн сайын жардамга келе беришкендиктен, анын аскери Кудайдын аскериндей көп болду.

23 Теңирдин сөзү боюнча Шабулдун падышачылыгын Дөөткө өткөрүш үчүн, ага, Хебронго келген аскер башчылардын саны мынча болду:

24 Жүйүт уулдарынан калкан жана найза көтөрүп, согушка даяр тургандардын саны алты миң сегиз жүз;

25 Шымондун уулдарынан кошуундагы эр жүрөк адамдардын саны жети миң бир жүз;

26 Леби уулдарынан төрт миң алты жүз;

27 Арундун уруусунан Жойат төрө, аны менен үч миң жети жүз адам;

28 эр жүрөк жигит Садок жана анын уруусу, жыйырма эки башчы;

29 Шабулдун бир туугандарынан, Бенжеминдин уулдарынан, үч миң, бирок алардын көпчүлүгү дагы эле Шабулду жактап турушкан;

30 Эпрайым уулдарынан өз урууларында атагы чыккан, кайраттуу адамдардын саны жыйырма миң сегиз жүз;

31 Менашенин жарым уруусунан Дөөттү такка отургузуу үчүн барып, атайын аттары аталган адамдардын саны он сегиз миң;

32 Исахардын уулдарынан Ысрайыл элинин качан, эмне кылуу керек экенин билген акыл-эстүү адамдар келишти, алардын башкы адамдарынын саны эки жүз эле, алардын бардык бир туугандары алардын айткан сөзү менен жүргөн;

33 Забулун уруусунан согушка даяр турган, ар түрдүү согуш куралдары менен куралданган, катарда бир кишидей турган элүү миң жоокер;

34 Напталы уруусунан миң жол башчы; алар менен калкан жана найза көтөргөн отуз жети миң жоокер;

35 Дан уруусунан согушка даяр турган жыйырма сегиз миң алты жүз жоокер;

36 Ашыр уруусунан согушка даяр турган кырк миң жоокер;

37 Иордандын аркы бетинен, Рубейин, Гат урууларынан жана Менашенин жарым уруусунан ар кандай согуш куралын көтөргөн жүз жыйырма миң жоокер.

38 Бул жоокерлердин бардыгы катарга тизилип, Дөөттү бүткүл Ысрайылга падыша кылып көтөрмөкчү болуп, чын жүрөктөн Хебронго келишти. Бүт Ысрайыл эли да Дөөттү такка отургузганга макул эле.

39 Алар ал жерде, Дөөттүн жанында үч күн болуп, ичип-жешти, анткени бир туугандары аларга бардыгын даярдап коюшкан эле.

40 Ошондой эле алардын жакындары да, атүгүл, Забулун, Напталы, Исахар уруулары да жей турган азыктарды төөлөргө, эшектерге, качырларга, өгүздөргө жүктөп келишкен. Ун, анжыр, мейиз, шарап, зайтун майы, бодо мал, майда мал өтө мол келди, анткени Ысрайыл элинин кубанычы койнуна батпай турган эле.

## 13-БӨЛҮМ

### Иштин жакшы башталып, жаман аякташы

1 Дөөт миң башылар, жүз башылар, бардык жол башчылар менен кеңешип турган.

2 Дөөт бүт ысрайылдыктарга мындай деди: «Эгерде силер ылайык көрсөңөр, эгерде бул биздин Кудай-Теңирибиздин эркине туура келсе, бардык жерге, бүткүл Ысрайыл жеринде жашаган биздин калган бир туугандарыбызга, ошондой эле ыйык кызмат кылуучуларга, лебилерге, алардын шаарларына, кыштактарына киши жиберип, аларды бул жерге чакыралы.

3 Кудайыбыздын келишим сандыгын өзүбүзгө көчүрүп келели, анткени Шабулдун тушунда биз ага кайрылган жокпуз».

4 Ошондо жыйналган элдин бардыгы: «Ошондой болсун», – дешти, анткени бул иш бардык элге туура көрүндү.

5 Ошентип, Дөөт Кудайдын келишим сандыгын Кирийат-Жейаримден көчүрүш үчүн, Мисирдин Шихорунан тартып Хаматтын кире беришине чейин бардык ысрайылдыктарды чогултту.

6 Кудайдын ысымы менен аталган, керуптардын үстүндө отурган Кудай-Теңирдин келишим сандыгын көчүрүп келиш үчүн, Дөөт менен бүткүл Ысрайыл Жүйүт аймагындагы Кирийат-Жейаримге жөнөдү.

7 Алар Кудайдын келишим сандыгын жапжаңы арабага салып, Абынадаптын үйүнөн алып чыгышты. Уза менен Акия арабаны айдап бара жатышты.

8 Дөөт менен бүт ысрайылдыктар Кудай алдында болгон күчү менен ыр ырдап, лира тартып, арфа чертип, дап кагып, жез табак кагып, сурнай тартып бара жатышты.

### Келишим сандыгынын Абет-Эдомдун үйүндө калтырылышы

9 Алар Горен-Кидондун кырманына жеткенде, Уза келишим сандыгын кармап калыш үчүн, колун суна койду, анткени өгүздөр келишим сандыгын кыйшайтып жиберишкен эле.

10 Ошондо Теңир Узага каарданды. Келишим сандыгына колун сунганы үчүн, аны өлтүрүп салды. Ал ошол жерде Кудай алдында өлдү.

11 Теңир Узаны өлтүргөнү үчүн, Дөөт абдан кайгырды. Ал жерди Уза өлгөн жер деп атады. Ал жер бүгүнкү күнгө чейин ошондой аталат.

12 Ошол күнү Дөөт Кудайдан коркуп: «Кудайдын келишим сандыгын мен өзүмө кантип алып кетем?» – деди.

13 Ошентип, Дөөт келишим сандыгын өзүнө – Дөөттүн шаарына алып кетпей, аны гаттык Абет-Эдомдун үйүнө бурду.

14 Кудайдын келишим сандыгы Абет-Эдомдун үйүндө үч ай турду, Теңир Абет-Эдомдун үй-бүлөсүнө, анда эмне болсо, ошонун бардыгына батасын берди.

**14-БӨЛҮМ**

**Дөөт падышанын күчү жана байлыгы**

1 Тир падышасы Хирам Дөөткө үй куруп бериши үчүн, ага элчилери менен кедр жыгачтарын, таш жонуучуларды, жыгач усталарды жөнөттү.

2 Ошондо Дөөт Теңирдин Ысрайылга падыша кылып бекемдегенин, өзүнүн эли Ысрайыл үчүн падышачылыгы жогору көтөрүлгөнүн билди.

3 Ал Иерусалимде дагы бир нече аял алып, дагы уул-кыздуу болду.

4 Анын Иерусалимде төрөлгөн уулдарынын аттары мына булар: Шамуя, Шобап, Натан, Сулайман,

5 Жибхар, Элишуа, Элпелет,

6 Ного, Непек, Жапия,

7 Элишама, Белиада жана Элипелет.

8 Пелиштиликтер Дөөттүн бүткүл Ысрайылга падыша болуп майланганын угушканда, түп көтөрүлө Дөөттү өлтүргөнү чыгышты. Дөөт муну укканда, алар менен согушканы жөнөдү.

9 Пелиштиликтер Репа уулдарынын өрөөнүнө келип жайланышышты.

10 Дөөт Кудайдан: «Пелиштиликтерге каршы барайынбы, аларды менин колума салып бересиңби?» – деп сурады. Теңир ага: «Бар, Мен аларды сенин колуңа салып берем», – деди.

11 Алар Баал-Ператсимге бет алышты. Дөөт аларды ошол жерде талкалады. Ошондо Дөөт: «Кудай менин душмандарымды менин колум менен суу жарып киргендей талкалады», – деди. Ошондуктан бул жерди Баал-Ператсим деп аташты.

12 Пелиштиликтер ошол жерге өз кудайларын таштай качышты. Дөөт буйрук берип, аларды өрттөтүп салды.

13 Бирок пелиштиликтер кайрадан келип, өрөөнгө жайланышышты.

14 Дөөт Кудайдан дагы сурады, Кудай ага мындай деди: «Аларга түз беттеп барба, аларды айланып өтүп, тыт дарактары тарабынан кир.

15 Тыт дарактарынын үстүнөн басып келе жаткандай болгон дабышты укканыңда, согушка кир, анткени пелиштиликтердин кошуунун талкалаш үчүн, Кудай Өзү сенин алдыңда чыккан болот».

16 Дөөт Кудай буйругандай кылды. Алар пелиштиликтердин кошуунун Гибондон Гезерге чейин кыйратышты.

17 Ошондо Дөөттүн ысымы бүт жер жүзүнө тарады. Теңир бардык элдерди Дөөттөн корко тургандай кылды.

**15-БӨЛҮМ**

**Дөөттүн келишим сандыгын алып келүүнү буйрушу**

1 Дөөт өзүнө Дөөттүн шаарында үйлөрдү курду. Кудайдын келишим сандыгы үчүн жай камдап, ал үчүн жыйын чатырын тургузду.

2 Ошондо Дөөт: «Кудайдын келишим сандыгын лебилерден башка эч ким көтөрүүгө тийиш эмес, анткени Теңир аларды Кудайдын келишим сандыгын көтөрүүгө, Өзүнө кылымдар бою кызмат кылууга тандап алган», – деди.

3 Ал келишим сандыгы үчүн өзү даярдап койгон жерге Кудайдын келишим сандыгын алып келиш үчүн, бардык ысрайылдыктарды Иерусалимге чогултту.

4 Дөөт Арундун уулдарын жана лебилерди:

5 Каат уулдарынан Уриел башчыны жана анын бир туугандарын – жүз жыйырма кишини,

6 Мераринин уулдарынан Асая башчыны жана анын бир туугандарын – эки жүз жыйырма кишини,

7 Гейиршондун уулдарынан Жоел башчыны жана анын бир туугандарын – жүз отуз кишини,

8 Элитсапан уулдарынан Шемая башчыны жана анын бир туугандарын – эки жүз кишини,

9 Хеброн уулдарынан Элиел башчыны жана анын бир туугандарын – сексен кишини,

10 Узиелдин уулдарынан Аминадап башчыны жана анын бир туугандарын – жүз он эки кишини чакырды.

11 Дөөт ыйык кызмат кылуучулар Садок менен Абыйатарды, ошондой эле лебилерди: Уриелди, Асаяны, Жоелди, Шемаяны, Элиелди жана Аминадапты чакырып алып, мындай деди:

12 «Силер, леби урууларынын башчылары, өзүңөр да, бир туугандарыңар да ыйыкталгыла. Мен даярдап койгон жерге Ысрайылдын Кудай-Теңиринин келишим сандыгын алып келгиле.

13 Анткени бул ишти мурункудай эле, силер кылбаганыңар үчүн, аны кантип алып келүүнү Теңирден сурабаганыбыз үчүн, бизди Кудай-Теңирибиз жазалады».

14 Ошондо ыйык кызмат кылуучулар менен лебилер Ысрайылдын Кудай-Теңиринин келишим сандыгын көтөрүп келиш үчүн ыйыкталышты.

15 Теңирдин сөзү боюнча, Муса айткандай, лебилердин уулдары Кудайдын келишим сандыгын шыргыйларынан алып, ийинге салып, көтөрүп жөнөштү.

16 Дөөт лебилердин башчыларына алардын ырчы бир туугандары музыкалык аспаптар менен, арфа чертип, лира тартып, жез табак кагып, катуу ырдап, элдин алдында турушун буйруду.

17 Лебилер Жоелдин уулу Эйманды, анын бир туугандарынан Берехиянын уулу Асапты, ал эми Мерари уулдарынан алардын бир туугандарын, Кушаянын уулу Эйтанды коюшту.

18 Алар менен кошо туугандары: Захарияны, Бенайды, Жаазиелди, Шемирамотту, Жехиелди, Унини, Элийапты, Бенаяны, Маасеяны, Мататияны, Элипейди, Микнеяны, Обейт-Эдомду жана Жейелди коюшту. Булар дарбазачылар болушкан.

19 Эйман, Асап жана Эйтан жез табактарды катуу кагышты.

20 Захария, Азиел, Шемирамот, Жехиел, Уни, Элийап, Маасея жана Беная арфа чертип, бийик үн менен ырдашты.

21 Мататия, Элипей, Микнея, Обейт-Эдом, Жейел жана Азазия болсо жоон үндүү арфа чертишти.

22 Ал эми лебилердин башчысы Кенания ырчыларды үйрөтүүчү болчу, анткени ал бул иште машыккан чебер эле.

23 Берехия менен Элкана келишим сандыгынын жанында эшик кайтаруучулар болушту.

24 Шебания, Жошапат, Натанаел, Амасай, Захария, Беная жана Элиезер ыйык кызмат кылуучулар Кудайдын келишим сандыгынын алдында сурнай тартып бара жатышты. Обейт-Эдом менен Жехия мыйзам сандыктын жанында эшик кайтаруучулар болуп турушту.

**Келишим сандыгынын Дөөттүн шаарына көчүрүлүшү**

25 Ошентип, Дөөт, Ысрайыл аксакалдары жана миң башылар Теңирдин келишим сандыгын Обейт-Эдомдун үйүнөн ыр-күү менен көчүрүп келгени жөнөштү.

26 Теңирдин келишим сандыгын көтөргөн лебилерге Кудай жардам берди. Ошондо жети букачарды жана жети кочкорду курмандыкка чалышты.

27 Дөөт жана келишим сандыгын көтөргөн бардык лебилер, ырчылар, музыкалык аспаптарды чертүүчүлөр менен ырчылардын башчысы Кенания зыгыр буласынан токулган кийим кийишкен. Дөөттүн үстүндө зыгыр буласынан токулган эфод да бар эле.

28 Ошентип, бүт Ысрайыл Теңирдин келишим сандыгын мүйүз менен сурнайдын, жез табактын, арфанын, лиранын коштоосу менен, салтанат менен алып киришти.

29 Теңирдин келишим сандыгы Дөөттүн шаарына киргенде, терезеден карап турган Шабулдун кызы Михал кубанычы койнуна батпай бийлеп келе жаткан Дөөт падышаны көрүп, аны жүрөгүндө кемсинтти.

**16-БӨЛҮМ**

**Кудайга салтанаттуу ийбадат кылуу.Дөөттүн келишим сандыгынын жанына ырчыларды дайындашы**

1 Алар Кудайдын келишим сандыгын алып келишип, аны Дөөт тургузган жыйын чатырынын ортосуна коюшту. Анан Кудайга арнап бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктарды жана тынчтык курмандыктарын чалышты.

2 Дөөт бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктар менен тынчтык курмандыктарын чалгандан кийин, элге Кудайдын ысымынан бата берди.

3 Анан бардык ысрайылдыктарга, эркектерге жана аялдарга бирден нан, бир кесимден эт, мейиз кошулган бирден таттуу токоч таратты.

4 Ысрайылдын Кудай-Теңирин даңктап, ыр менен мактап, ыраазычылык билдирип туруш үчүн, Теңирдин келишим сандыгынын алдына лебилерди кызматка койду.

5 Асапты башчы кылып койду. Арфа чертип, лира тартып туруш үчүн, экинчи катарга Захарияны, Жейелди, Шемирамотту, Жехиелди, Мататияны, Элийапты, Бенаяны, Обейт-Эдомду жана Жейелди койду. Жез табак кагып турушу үчүн Асапты койду.

6 Ал эми ыйык кызмат кылуучулар Беная менен Жехазиелди Кудайдын келишим сандыгынын алдында дайыма сурнай тартып туруу үчүн койду.

**Дөөттүн ыраазычылык билдирген забуру**

7 Ошол күнү Дөөт биринчи жолу Асапка жана анын бир туугандарына Теңирди даңктап ырдап туруш үчүн, бул забурду тапшырды:

8 «Теңирди даңктагыла, Анын ысымын жар салгыла, Анын иштерин бүт элдерге жарыялагыла.

9 Ага ырдагыла, Аны даңктагыла, Анын бардык кереметтери жөнүндө айткыла.

10 Анын ыйык ысымы менен мактангыла. Теңирди издегендердин жүрөгү кубансын.

11 Теңирди жана Анын күчүн издегиле, Анын жүзүн тынымсыз издегиле.

12 Ысрайыл тукуму, Анын кулдары, Жакыптын уулдары, Анын тандалгандары, силер,

13 Ал жасаган кереметтерди, Анын жышаандарын жана Анын оозунан чыккан өкүмдөрүн унутпагыла.

14 Ал биздин Кудай-Теңирибиз. Анын өкүмдөрү бүт жер жүзүндө.

15 Анын келишимин, Анын муундан муунга осуят кылган сөзүн унутпагыла.

16 Ал сөз – Ыбрайымга берилген осуят, Ыскакка берилген ант.

17 Аны Жакыпка мыйзам кылып, Ысрайылга түбөлүк келишим кылып берем.

18 Ал: “Мен сага Канаан жерин мураска берем”, – деп айткан.

19 Ошол убакта алардын саны аз, өтө эле аз эле. Ал жерде алар келгин эл болуп жашап турушкан.

20 Алар бир элден бир элге, бир өлкөдөн бир өлкөгө барып жер кезишкен.

21 Бирок Ал эч кимдин аларды кордоосуна жол берген эмес, алар үчүн падышаларды ашкере кылган:

22 “Менин майлангандарыма тийбегиле, Менин пайгамбарларыма жамандык кылбагыла”.

23 Бүт жер жүзү, Теңирге ырда, Анын куткаруусун күн сайын жарыялагыла.

24 Анын даңкын бутпарастарга, кереметтерин жер жүзүндөгү бардык элдерге жарыя кылгыла.

25 Анткени Теңир улуу жана мактоого татыктуу, бардык кудайлардан коркунучтуу.

26 Анткени башка элдердин кудайлары – болбогон нерсе. Ал эми Теңир асманды жараткан.

27 Даңк менен улуулук Анын алдында, кудурет жана кубаныч Ал турган жерде.

28 Бүт элдер, Теңирге Өзүнө тиешелүүсүн бергиле, Теңирди даңктагыла жана урматтагыла.

29 Теңирди даңктагыла, Анын ысымын даңазалагыла. Тартуу алып, Анын алдына баргыла, Ага Өзүнүн
ыйык жайында табынгыла.

30 Бүт жер жүзү, Анын алдында титире, анткени Ал ааламды негиздеген, ал солк этпейт.

31 Асман кубансын, жер шаттансын, элдер: "Теңир падышачылык кылып жатат!" – дешсин.

32 Деңиз шарпылдасын, анын ичиндегилер кубансын. Талаа жана андагы бардык нерселер кубансын.

33 Токойдогу дарактардын бардыгы Теңирдин алдында кубанышсын, анткени Теңир жерди соттогону келе
жатат.

34 Теңирди даңктагыла, анткени Анын ырайымы түбөлүктүү.

35 "Кудайыбыз, Куткаруучубуз, бизди куткар! Бизди чогулт, бизди башка элдерден куткар, биз Сенин ыйык
ысымыңды даңктайлы, Сенин даңкың менен мактаналы!" – дегиле.

36 Ысрайылдын Кудай-Теңири кылымдан кылымга даңкталсын!» Ошондо бүт эл: «Оомийин! Теңирди
даңктагыла!» – деди.

37 Келишим сандыгынын алдында дайыма, ар күнү кызмат кылып туруш үчүн, Асапты жана анын бир
туугандарын Дөөт ошол жерге калтырды.

38 Обейт-Эдомду жана анын бир туугандарын, алтымыш сегиз адамды калтырды. Жедутундун уулу Обейт-
Эдомду жана Хосаны дарбазачы кылып койду.

39 Ал эми ыйык кызмат кылуучу Садок менен анын ыйык кызмат кылуучу бир туугандарын Гибон
дөңсөөсүндөгү Кудай үйүнүн алдына,

40 курмандык чалынуучу жайда дайыма, ар күнү эртең менен жана кечинде Теңирге арнап бүтүндөй
өрттөлүүчү курмандык өрттөп туруу үчүн, Теңирдин Ысрайылга берген мыйзамында жазылгандын
бардыгын аткарып туруш үчүн койду.

41 Алар менен бирге Эйманды, Жедутунду жана Теңирди даңктап туруш үчүн, аттары аталып, атайы
дайындалган дагы башка тандалган адамдарды койду, анткени Теңирдин ырайымы кылымдардан
кылымдарга!

42 Алардын алдында Эйман менен Жедутун сурнай тартып, жез табак кагып, ар түрдүү күү аспаптарды
чертип, Кудайды даңктап турушту. Ал эми Жедутундун уулдарын дарбазанын алдына койду.

43 Ошондон кийин бардык эл, ар ким өз үйүнө кайтты. Дөөт да өз үй-бүлөсүнө бата бериш үчүн кайтып
келди.

**17-БӨЛҮМ**

**Дөөттүн ийбадаткана куруга даярданышы**

1 Дөөт өз үйүндө жашап турганда, Натан пайгамбарга: «Мен кедр жыгачынан салынган үйдө турам, ал эми Теңирдин келишим сандыгы чатырдын астында турат», – деди.

2 Натан Дөөткө: «Жүрөгүңдө эмне болсо, ошонун баарын жаса, анткени Кудай сени менен», – деди.

3 Бирок ошол түнү Натанга Кудайдан мындай сөз болду:

4 «Бар, Менин кулум Дөөткө айт: Теңир мындай дейт: "Мен жашай турган үйдү сен курбайсың.

5 Анткени Мен Ысрайыл уулдарын алып чыккан күндөн бүгүнкү күнгө чейин үйдө жашаган жокмун, чатырдан чатырга, турак жайдан турак жайга көчүп жүрдүм.

6 Бүткүл Ысрайыл уулдары менен кайсы гана жерде жүрбөйүн, Менин элим Ысрайылды кайтарууга Өзүм дайындаган Ысрайылдын уруусуна: "Эмне үчүн Мага кедрден үй куруп бербейсиңер?" – деп айттым беле?"

**Теңирдин Дөөткө аян бериши**

7 Азыр Менин кулум Дөөткө: Себайот Теңир мындай дейт дегин: "Менин элим Ысрайылга жол башчы болушуң үчүн, Мен сени кой короодон алгам.

8 Сен кайда барсаң да, бардык жерде сени менен болдум, сенин алдыңда бардык душмандарыңды кырдым. Сенин атыңды чыгарып, жер үстүндөгү улуу адамдар сыяктуу даңктуу кылдым.

9 Мен Өзүмдүн элим Ысрайыл үчүн жер даярдайм, аны жайгаштырам, ал өз жеринде бейпил жашайт, ошондон кийин эч ким анын тынчын албайт,

10 Өз элим Ысрайылга башкаруучуларды койгон күндөн тартып, кара ниет адамдар аларды кысымга алып келишкен, мындан ары андай болбойт. Мен сенин душмандарыңдын баарын моюн сундурам. Теңир сенин үйүңдү Өзү тургузарын сага кабарлайм.

11 Күнүң бүтүп, ата-бабаларың жаткан жайга кеткениңде, сенин ордуңа Мен сенин тукумуңду, уулдарыңдын бирин коём, анын падышачылыгын бекемдейм.

12 Ал Мага үй тургузат, Мен анын тагын түбөлүккө бекемдейм.

13 Мен ага Ата болом, ал Мага уул болот. Сенден мурунку падышаны Өз ырайымымдан ажыраткандай, аны Өз ырайымымдан ажыратпайм.

14 Мен аны Өз үйүмө жана Өз падышачылыгыма түбөлүккө коём, анын тагы түбөлүккө бекем болот"».

15 Натан бул сөздөрдүн бардыгын, көрүнүштү толугу менен, так өзүндөй кылып, Дөөткө айтып берди.

**Дөөт падышанын сыйынуусу**

16 Дөөт падыша келди да, Теңирдин алдына туруп, мындай деди: «Кудай-Теңирим, Сен мени ушунча көтөргүдөй, мен киммин, менин тукумум ким?

17 Бирок Сенин көзүңө бул да аз көрүндү, Кудайым. Өз кулуңдун тукумунун келечеги жөнүндө айттың, мени улуу адамдай көрдүң, Кудай-Теңир!

18 Сен Өз кулуңду ушунча көкөлөттүң, Сенин алдыңда Дөөт дагы эмне дей алат? Сен Өз кулуңду билесиң!

19 Теңир! Өз жүрөгүңө жаккан Өз кулуңа бардык улуулукту көрсөтүш үчүн, сен ушул улуу иштерди кылып жатасың.

20 Теңир! Өз кулагыбыз менен уккандарыбыз боюнча Сага тең келген эч ким жок, Сенден башка Кудай жок!

21 Жер жүзүндө Сенин элиң Ысрайылдай эл барбы?! Кун төлөп, Өзүңө эл кылып алыш үчүн, Мисирден куткарган Өз элиңдин алдында элдерди кууп чыгып, Өз ысымыңды улуу жана коркунучтуу кылыш үчүн, жер үстүндөгү жалгыз ушул элге Өзүң келгенсиң!

22 Сен Өз элиң Ысрайылды түбөлүккө Өзүңдүн элиң кылып алдың. Сен, Теңир, анын Кудайы болдуң.

23 Ошондуктан эми, оо Теңир, Өзүңдүн кулуң тууралуу жана анын тукуму тууралуу айткан сөзүңдү түбөлүккө бекемде, Өзүң айткандай кыл.

24 Сенин ысымың кылымдарга жашасын, түбөлүккө даңазалансын. “Себайот Теңир, Ысрайылдын Кудайы – Ысрайылдын үстүндө турган Кудай”, – дешсин. Сенин алдыңда Өз кулуң Дөөттүн тукуму бекем болсун.

25 Анткени Сен, менин Кудайым, Өз кулуңа анын үйүн тургузарын ачып бердиң, ошондуктан Сенин кулуң Сенин алдыңда сыйынууга батынды.

26 Теңирим, Сен Кудайсың, азыр Сен Өз кулуң тууралуу ушундай жакшы нерсени айттың.

27 Сенин алдыңда түбөлүк болушу үчүн, Өз кулуңдун тукумуна батаңды бере башта. Теңир, эгерде Сен бата берсең, анда ал түбөлүккө баталуу болот».

**18-БӨЛҮМ**

**Дөөттүн падышачылыгынын бекемделиши**

1 Ошондон кийин Дөөт пелиштиликтерди талкалап, аларды багындырып, алардын колунан Гатты жана ага караштуу шаарларды тартып алды.

2 Ал ошондой эле маaптыктарды талкалады. Маaптыктар Дөөткө салык төлөөчү кулдар болуп калышты.

3 Дөөт Соба падышасы Ададезерди Хаматта өлтүрдү. Ал Эфрат дарыясынын боюна бийлигин орноткону бара жаткан эле.

4 Дөөт анын бир миң майдан арабасын, жети миң атчан аскерин жана жыйырма миң жөө аскерин колго түшүрүп, майдан арабалардын баарын талкалап, өзүнө жүз гана майдан араба алып калды.

5 Соба падышасы Ададезерге Дамасктан сириялыктар жардамга келишти. Бирок Дөөт жыйырма эки миң сириялыкты кыйратты.

6 Дөөт сакчы аскерлерин Сириядагы Дамаскка койду. Сириялыктар Дөөткө кул болуп, салык төлөп калышты. Дөөт кайда барбасын, бардык жерде Теңир ага жардам берип турду.

7 Дөөт Ададезердин кулдарынын алтын калкандарын алып, Иерусалимге алып келди.

8 Ал эми Ададезердин шаарлары Тапхат менен Кундан Дөөт абдан көп жез алды. Андан Сулайман чоң жез чараны, жез мамыларды, жез идиштерди жасады.

9 Хамат падышасы Той Дөөттүн Соба падышасы Ададезердин аскерин кырып салганын укту.

10 Дөөттүн Ададезер менен согушуп, аны талкалаганы үчүн, Той аны куттуктап, ыраазычылыгын билдирип, ага өз уулу Адорамды жөнөттү, анткени Той Ададезер менен согушуп турган эле. Уулу менен кошо ар кандай алтын, күмүш, жез идиштерди берип жиберди.

11 Падыша Дөөт аларды бардык элдерден олжого түшкөн алтын, күмүштөр менен бирге Теңирге арнады. Алар эдомдуктардан, мааптыктардан, амондуктардан, пелиштиликтерден, амалыктыктардан түшкөн олжолор эле.

12 Серуянын уулу Абышай Туздуу өрөөнүндө он сегиз миң эдомдукту талкалады.

13 Ал Эдомго сакчы аскерлерин койду, бардык эдомдуктар анын кулу болуп калды. Дөөт кайда гана жүрбөсүн, аны Теңир колдоп жүрдү.

14 Дөөт бүт Ысрайылга бийлик кылды. Ал өз элине туура өкүм жүргүзүп, адилеттик көрсөттү.

15 Серуянын уулу Жойап аскер башчы болду. Акилуттун уулу Жошапат тарыхчы болду.

16 Акитуптун уулу Садок жана Абыйатардын уулу Абы-Мелек ыйык кызмат кылуучу, Шапша болсо катчы болду.

17 Жойаттын уулу Беная – керейлер менен пелейлердин үстүнөн башкаруучу, ал эми Дөөттүн уулдары падыша алдындагы биринчи кызматтагы адамдар болушту.

**19-БӨЛҮМ**

**Жойаптын жетекчилиги астындагы амондуктар менен болгон согуш**

1 Ошондон кийин амондуктардын падышасы Нахаш дүйнөдөн кайтып, анын ордуна уулу падыша болду.

2 Ошондо Дөөт: «Атасынын мага кылган жакшылыгы үчүн, Нахаштын уулу Ханунга ырайым көрсөтөм», – деп айтты. Атасы өлгөн Ханунга көңүл айттырыш үчүн, Дөөт элчилерин жөнөттү. Ханунга көңүл айтыш үчүн, Дөөттүн кулдары амондуктардын жерине келишти.

3 Бирок амондуктардын төрөлөрү Ханунга: «Көңүл айтуучуларды Дөөт сага сенин атаңды сыйлагандыктан жиберди деп ойлойсуңбу? Анын кулдары сага жериңди чалгындап, карап чыгып, анан чаап алыш үчүн келип жүрүшпөсүн?» – деп айтышты.

4 Ошондо Ханун Дөөттүн кулдарын кармап алып, алардын сакалынын жарымын кырып, кийген кийимдерин белинен ылдый кесип салды, анан аларды коё берди.

5 Алар жөнөп кетишти. Бул кишилер тууралуу Дөөткө кабар жетти. Булар маскара болушкандыктан, жолунан тосуп чыгууга ал чабармандарды жөнөттү. Падыша аларга: «Сакалыңар өскүчө, Жериходо тура тургула, анан кайтып келгиле», – деди.

6 Амондуктар өздөрүнүн Дөөткө жек көрүндү болуп калышканын билип, Ханун менен амондуктар Месопотамиянын Сириясынан, Мааханын Сириясынан жана Собадан майдан арабалар менен атчандарды жалдаш үчүн, бир миң талант күмүш жөнөтүштү.

7 Алар отуз эки миң майдан арабаны жана Мааха падышасын эли менен кошо жалдап алышты. Алар Мейдебанын алдына келип, кошуундарын жайланыштырышты. Амондуктар өз шаарларынан топ-топ болуп чогулушуп, майданга киришти.

8 Дөөт бул тууралуу укканда, Жойапты бардык эр жүрөк аскерлери менен кошо жөнөттү.

9 Амондуктар салгылашка киришти, алар шаар дарбазасынын алдына катар-катар турушту, ал эми келген падышалар өздөрүнчө талаада турушту.

10 Жойап өзүнүн алдынан да, артынан да салгылашарын билип, Ысрайылдын тандамал жоокерлеринин ичинен мыктыларын тандап алып, аларды сириялыктарга каршы тизди.

11 Ал эми калган элдин бөлүгүн амондуктарга каршы катар тургузууну өз бир тууганы Абышайга тапшырды.

12 Ал мындай деди: «Эгерде сириялыктар мени жеңип бара жатса, сен мага жардамга келесиң. Эгерде амондуктар сени жеңип бара жатса, сага мен жардам берем.

13 Кайраттуу бол, өз элибиз үчүн жана Кудайыбыздын шаарлары үчүн бекем турабыз, Теңир Өзүнө жакканды кылсын».

14 Жойап өзүнүн адамдары менен сириялыктарга каршы салгылашка кирди. Алар андан качып жөнөштү.

15 Амондуктар сириялыктардын качканын көрүп, өздөрү да анын бир тууганы Абышайдан качып, шаарга киришти. Жойап Иерусалимге кайтып келди.

16 Сириялыктар өздөрүнүн ысрайылдыктардан жеңилгенин көрүп, элчилерин жөнөтүп, дарыянын аркы бетиндеги сириялыктарды алып чыгышты. Ададезердин аскер башчысы Шобак аларга жол башчылык кылды.

**Дөөттүн аскерлердин башында турушу**

17 Бул тууралуу Дөөткө билдиришкенде, ал бардык ысрайылдыктарды чогултуп, Иордандан өтүп, аларга келип, сириялыктарга каршы аскерин тизди. Дөөт сириялыктарга каршы салгылашка кирди, алар аны менен согушту.

18 Сириялыктар ысрайылдыктардан качып жөнөштү, Дөөт сириялыктардын жети миң майдан арабасын талкалап, кырк миң жөө аскерин жана аскер башчысы Шобакты өлтүрдү.

19 Ададезердин кулдары өздөрүнүн ысрайылдыктардан жеңилгенин көрүшүп, Дөөт менен тынчтык келишим түзүп, ага баш ийип беришти. Ошондон кийин сириялыктардын амондуктарга жардам бергилери келбей калды.

**20-БӨЛҮМ**

**Дөөт менен Жойаптын Рабени жеңиши**

1 Бир жылдан кийин, падышалар согушууга чыга турган кезде, Жойап өзүнүн аскерлери менен чыгып, амондуктардын жерин талкалай баштады, анан Рабе шаарына келип, аны курчоого алды. Дөөт болсо Иерусалимде калган. Жойап Рабени каратып алып, аны талкалады.

2 Дөөт алардын падышасынын башынан таажысын алды. Ал таажынын салмагы бир талант алтын, анын үстүндө кымбат баалуу асыл таштар бар эле. Таажыны Дөөттүн башына кийгизишти. Дөөт шаардан өтө көп олжо алып чыкты.

3 Ал шаардагы кишилерди алып чыгып, араа, чот жана балта менен оор жумуштарды иштетти. Дөөт амондуктардын бардык шаарын ушундай кылды, анан бүт эли менен Иерусалимге кайтты.

**Пелиштиликтер менен болгон согуш**

4 Ошондон кийин Гезерде пелиштиликтер менен согуш башталды. Ошондо хушалык Сипхай Репа тукумунан болгон Сыпайды өлтүрдү. Алар багынып беришти.

5 Пелиштиликтер менен дагы согушушту. Ошондо Жайырдын уулу Элханан токуучу куралдын баканындай найза көтөргөн гаттык Голийаттын бир тууганы Лахмини өлтүрдү.

6 Гатта дагы согуш болду. Ал жерде бир узун бойлуу киши бар эле, анын буту-колунда алтыдан манжасы, бардыгы жыйырма төрт манжасы бар эле. Ал да Репа тукумунан болгон.

7 Ал Ысрайылды шылдыңдаган, бирок Дөөттүн бир тууганы Шиманын уулу Жонатан аны өлтүргөн.

8 Булар Гаттагы Репа тукумунан эле, алар Дөөттүн жана анын кызматчыларынын колунан өлүштү.

**21-БӨЛҮМ**

**Эл каттоонун Кудайга жакпагандыгы. Жугуштуу оору**

1 Шайтан Ысрайылга каршы чыгып, Дөөттү Ысрайылды санап чыгууга азгырды.

2 Дөөт Жойапка жана эл башкаргандарга: «Баргыла, Бейер-Шебадан Данга чейин Ысрайылды эсептеп чыккыла, алардын эсебин алып келгиле, мен алардын санын билейин», – деп айтты.

**Жойаптын эл каттоого каршы болушу**

3 Жойап: «Теңир Өз элин азыркыга караганда жүз эсе көбөйтсүн. Мырзам падыша, алардын бардыгы сенин кулдарың эмеспи? Менин таксырым муну эмнеге талап кылып жатат? Ысрайылды күнөөгө батырыш үчүнбү?» – деди.

4 Бирок падышанын сөзү Жойапты жеңип кетти. Жойап жөнөп кетип, бүткүл Ысрайылды кыдырып чыгып, Иерусалимге кайтып келди.

5 Жойап эл каттоо тизмесин Дөөткө берди. Кылычын кынынан сууруган бардык ысрайылдыктардын саны бир миллион жүз миң адам болду, кылычын кынынан сууруган жүйүттөрдүн саны төрт жүз жетимиш миң болду.

6 Алардын ичинен лебилер менен бенжеминдиктерди ал санаган жок, анткени падышанын сөзү Жойапка жаккан эмес.

7 Бул иш Кудайга жаккан жок, андыктан Ал Ысрайылды жазалады.

8 Дөөт Кудайга: «Ушуну кылып, оор күнөөгө баттым. Эми Өз кулуңдун күнөөсүн кечире көр, анткени мен акылсыз иш кылдым», – деди.

9 Теңир Дөөттүн көрөгөчү Гатка мындай деди:

10 «Бар, Дөөткө айт: Теңир мындай дейт дегин: “Мен сага үч жаза сунуш кылам, үчөөнүн бирин тандап ал, Мен аны өзүңдүн башыңа салам”».

11 Гат Дөөткө келип: «Теңир мындай деп жатат: “Өзүңө бирөөнү тандап ал:

12 Же үч жыл ачарчылык болот, же үч ай душмандарыңдан качып жүрөсүң, душмандарыңдын кылычы сага жетет, же үч күн Теңир кылычын сунат, жерди жугуштуу оору каптайт, ошондо Теңирдин периштеси бүткүл Ысрайыл элин кырат”. Эми ойлон, бул сөздү айттырып Жибергенге эмне деп жооп берейин», – деди.

13 Дөөт Гатка: «Бул мага абдан оор болду. Бирок Теңирдин колуна түшкөнүм жакшы, анткени Ал өтө ырайымдуу, адамдын гана колуна түшпөсөм болду», – деп айтты.

14 Ошондо Теңир Ысрайылга жугуштуу оору каптатты. Ысрайылдыктардын жетимиш миң адамы кырылды.

15 Иерусалимди тукум курут кылыш үчүн, Кудай периште жөнөттү. Ал элди кыра баштаганда, Теңир бул апааттан кырылып жаткандарды көрүп, аларды аяп кетип, кырып жаткан периштеге: «Жетишет! Эми колуңду тарт», – деди. Ошол учурда Теңирдин периштеси жебустук Арабенанын кырманынын үстүндө турган.

16 Дөөт башын көтөрүп, жер менен асмандын ортосунда жалаңдаган кылычын Иерусалимге сунуп турган Теңирдин периштесин көрдү. Ошондо Дөөт да, уруу аксакалдары да зумбал жамынып, жүзтөмөндөп жыгылышты.

17 Дөөт Кудайга: «Элдин санын алгыла деп, мен жибербедим беле. Күнөө кылган мен, кыянаттык кылган мен. Бул койлор эмне кылды? Кудай-Теңирим! Сенин колуң Өз элиңе эмес, мага каршы, менин атамдын тукумуна каршы болсун, Өз элиң тукум курут болбосун», – деп айтты.

**Дөөттүн Арабенанын кырманын сатып алышы**

18 Гат Дөөткө айтсын деп, Теңирдин периштеси ага: «Дөөт келип, жебустук Арабенанын кырманына Теңирге арнап курмандык чалынуучу жай курсун», – деди.

19 Дөөт Теңирдин атынан сүйлөгөн Гаттын сөзү боюнча жөнөп кетти.

20 Арабена бурулуп, периштени көрүп, төрт уулу менен жашынып калды. Арабена эгин бастырып жаткан.

21 Дөөт Арабенага келди. Арабена башын көтөрүп, Дөөттү көрдү да, кырманынан чыгып, Дөөткө жерге жете таазим кылды.

22 Дөөт Арабенага: «Кырманың турган жерди мага бер. Мен бул жерге Теңирге арнап курмандык чалынуучу жай курам. Аны мага өз баасына бер, элди кыруу токтосун», – деди.

23 Арабена Дөөткө мындай деди: «Ала бер, мырзам падыша көңүлүнө жакканын кылсын. Мына, мен бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка өгүздөрүмдү, отунга эгин бастырган шайманымды, нан курмандыгына буудайымды кошо берем. Бардыгын бекер берем».

24 Дөөт падыша Арабенага: «Жок, мен буларды сенден өз баасына сатып алам, анткени сенин менчиктериңди Теңирге арнагым келбейт жана бекер алгандарды бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка чалгым келбейт», – деди.

25 Дөөт кырман турган жер үчүн Арабенага алты жүз шекел алтын берди.

26 Дөөт ал жерге Теңирге арнап курмандык чалынуучу жай куруп, бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык менен тынчтык курмандыгын чалды. Анан Кудайды чакырды, Ал анын үнүн укту да, бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык өрттөлгөн жайга асмандан от жиберди.

27 Теңир периштеге: «Кылычыңды кынына сал», – деди.

28 Ошол учурда Дөөт жебустук Арабенанын кырманында Теңир анын үнүн укканын көрүп, ошол жерге курмандык чалды.

29 Муса чөлдө жасаган Теңирдин жыйын чатыры менен курмандык бүтүндөй өрттөлүүчү жай ошол кезде Гибондогу дөңсөөдө эле.

30 Дөөт Кудайга кайрылуу үчүн, ал тарапка бара алган жок, анткени Теңирдин периштесинин кылычынан коркту.

## 22-БӨЛҮМ

### Дөөттүн ийбадаткана курууга даярдык көрүшү

1 Дөөт: «Кудай-Теңирдин үйү менен ысрайылдыктардын бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты чалуучу жайы ушул жерде болот», – деди.

2 Дөөт Ысрайыл жеринде турган келгиндердин бардыгын жыйнап келүүгө буйрук берди да, Кудайдын үйүн куруш үчүн, таш жонгонго таш жонуучуларды койду.

3 Ал дарбазага мык жана илгич жасаш үчүн, эң көп темир даярдады, ошондой эле сансыз көп жез даярдады.

4 Эсепсиз көп кедр жыгачын даярдады, анткени сидондуктар менен тирликтер Дөөткө көп кедр жыгачын жеткиришти.

5 Дөөт мындай деди: «Менин уулум Сулайман жаш, күчү да аз, ал эми Теңир үчүн курула турган үй абдан чоң, жер жүзүндөгү эң мыкты, эң кооз имарат болушу керек. Ошондуктан ал үчүн бардыгын мен өзүм даярдайм». Дөөт көзү өткөнгө чейин көп нерсе даярдап койду.

### Дөөттүн Сулайманга ийбадаткананын курулушу жөнүндө көрсөтмө бериши

6 Ал өз уулун, Сулайманды, чакырып, Ысрайылдын Кудай-Теңирине үй курууну буйруду.

7 Дөөт Сулайманга мындай деди: «Уулум! Менин жүрөгүмдө Кудай-Теңирим үчүн үй курам деген ой бар эле.

8 Бирок мага Теңирден сөз болуп, мындай деп айтылган: “Сен көп согуштуң, көп кан төктүң, ошондуктан сага Менин ысымыма арнап үй курганга болбойт, анткени сен Менин көз алдымда жерге көп кан төктүң.

9 Сенден уул төрөлөт, тынчтыкта жашаган адам болот. Мен аны курчап турган бардык душмандардан ага тынчтык берем, ошондуктан анын ысымы Сулайман болот. Анын тушунда Ысрайылга тынчтык жана бейпилдик берем.

10 Ал Менин ысымыма арнап үй тургузат, ал Менин уулум болот, Мен анын атасы болом, Мен анын падышачылык тагын Ысрайылга түбөлүккө бекитем”.

11 Эми, уулум, Теңир сени менен болсун, ийгиликке жет, Ал Өзү сен жөнүндө айткандай, Кудай-Теңириңе үй кур!

12 Теңир сага акыл-эс берсин, сени Ысрайылдын үстүнөн койсун, Кудай-Теңириңдин мыйзамын сакта!

13 Эгерде Ысрайыл үчүн Теңир Мусага берген мыйзам менен буйруктарын так аткарууга аракет кыла турган болсоң, анда сен зор ийгиликке жетесиң. Бекем, кайраттуу бол, коркпо, чөкпө.

14 Мына, мен көп аракет кылып, Теңирдин үйү үчүн жүз миң талант алтын, бир миллион талант күмүш даярдап койдум, ал эми темир менен жездерге сан жетпейт, анткени алар эсепсиз көп. Ошондой эле жыгач менен таштарды да даярдап койдум. Сен булардын үстүнө дагы кош.

15 Сенин көп сандаган жумушчуларың, таш жонуучуларың, кескичтериң, жыгач усталарың жана ар кандай ишке жөндөмдүү адамдарың бар.

16 Алтын, күмүш, темир, жездерге эсеп жок. Башта да, жасай бер. Теңир сени менен болот».

**Дөөттүн төрөлөргө Сулайманга жардам берүүнү буйрук кылышы**

17 Дөөт Ысрайылдын бардык төрөлөрүнө уулу Сулайманга жардам кылуусун буйрук кылды:

18 «Туш тараптан силерге бейкуттук, тынчтык берген биздин Кудай-Теңирибиз силер менен, анткени Ал жер жүзүндө жашоочуларды менин колума салып берди. Жер жүзү Теңирге жана Анын элине багынып берди.

19 Жүрөгүңөрдү да, жаныңарды да Кудай-Теңириңерди издөөгө бургула. Тургула, Теңирдин келишим сандыгы менен Кудайдын ыйык идиштерин көчүрүп келүү үчүн, Теңирдин ысымына арнап, Кудай-Теңириңерге ыйык жай кургула».

## 23-БӨЛҮМ

**Дөөттүн көз жумар алдында Сулайманды өзүнүн ордуна падыша кылып коюшу**

1 Дөөт картайып, өмүргө тойгон соң, уулу Сулайманды Ысрайылга падыша көтөрдү.

**Лебилерге жана Гейиршондун уулдарына берилген буйруктар**

2 Анан ысрайылдыктардын бардык төрөлөрүн, ыйык кызмат кылуучуларын, лебилерин чогултту.

3 Отуз жаштагы жана андан жогорку жаштагы лебилер эсепке алынды. Аларды бирден санап чыкканда, отуз сегиз миң адам болду.

4 Алардын ичинен Теңирдин үйүндөгү иштерге жыйырма төрт миңи дайындалды, катчылары менен башкаруучулары алты миң болду.

5 Төрт миң дарбазачы, Теңирди мактап ырдоочу төрт миң адам дайындалды, алар Кудайды даңктоо үчүн, Дөөт жасаган күү аспаптарда ойношот.

6 Дөөт аларды Лебинин уулдары Гейиршонго, Каатка жана Мерариге өздөрүнүн кызмат кезеги боюнча бөлүп берди.

7 Гейиршон уулдарынан Ладан менен Шимейди бөлүп алды.

8 Ладандын уулдары: биринчи Жехиел, Зейтам жана Жоел – үчөө.

9 Шимейдин уулдары: Шеломит, Хазиел жана Аран – үчөө. Булар – Ладан уруусунун башчылары.

10 Шимейдин башка уулдары: Жахат, Зиза, Жейуш жана Берия. Бул төртөө – Шимейдин уулдары.

11 Жахат булардын башчысы болду, Зиза – экинчиси. Жейуш менен Берия көп балалуу эмес эле, андыктан алар атасынын үй-бүлөсү менен бир эсепке киришти.

**Кааттын тукуму жөнүндө**

12 Кааттын уулдары: Амрам, Житсар, Хеброн жана Узиел – төртөө.

13 Амрамдын уулдары: Арун менен Муса. Арун ыйыктын ыйыгына кызмат кылууга дайындалган, ал уулдары менен Теңирдин алдында жыпар жыттуу зат түтөтүп туруу үчүн, Ага кызмат кылыш үчүн, Анын ысымын түбөлүккө даңктап туруш үчүн бөлүнгөн.

14 Ал эми Кудайдын кишиси Муса жана анын уулдары Леби тукумуна кирген.

15 Мусанын уулдары: Гейиршом менен Элиезер.

16 Гейиршомдун уулдары: биринчиси – Шебуел.

17 Элиезердин уулу: биринчиси – Рехабия. Элиезердин мындан башка уулу болгон эмес. Рехабиянын уулдары өтө көп болгон.

18 Житсардын уулдары: биринчиси – Шеломит.

19 Хеброндун уулдары: биринчиси – Жерия, экинчиси – Амария, үчүнчүсү – Жахазиел, төртүнчүсү – Жекамам.

20 Узиелдин уулдары: биринчиси – Миха, экинчиси – Жишия.

**Мераринин тукуму жөнүндө**

21 Мераринин уулдары: Махли менен Муши. Махлинин уулдары: Элазар менен Киш.

22 Элазар дүйнөдөн өттү. Анын эркек балдары болгон эмес, кыздары эле бар болчу. Аларды өздөрүнүн бир туугандары болгон Киштин уулдары аялдыкка алышты.

23 Мушинин уулдары: Махли, Эйдер жана Жереймот – үчөө.

**Лебилердин жаңы милдеттери**

24 Булар – Леби уулдарынан тараган урuулар, уруу башчылар. Теңирдин үйүндө кызмат кылып турган, жыйырма жана андан жогорку жаштагы аттары аталып эсепке кирген Леби уулдары ушулар.

25 Анткени Дөөт мындай деди: «Ысрайылдыктардын Кудай-Теңири Өз элине бейпилдик берип, аны түбөлүккө Иерусалимге жайгаштырды.

26 Эми лебилер жыйын чатырын жана андагы кызмат кылууда колдонулуучу ар кандай буюмдарды көтөрүп жүрүшпөйт».

27 Ошондуктан Дөөттүн акыркы буйругу боюнча, жыйырма жана андан жогорку жаштагы лебилер эсепке алынды.

28 Алар Теңирдин үйүнө кызмат кылуу үчүн, короодо жана кошумча үйлөрдө, бүт ыйык жайда тазалыкты сакташ үчүн, Кудайдын үйүндөгү ар кандай кызматтарды аткарыш үчүн, алар Арун уулдарынын кол астында болушат.

29 Алар Кудайдын алдына коюлуучу нанга, нан курмандыгына алып келинген буудай унуна, ачыткысыз нандарга, бышырылган, куурулган тамактарга, алардын өлчөмү менен салмагына көз салышат.

30 Алар ар күнү эртең менен жана кечинде Теңирге ыраазычылык билдирип, Аны даңазалап турушат.

31 Ар дайым Теңирдин алдында, мыйзамда жазылгандай, ишемби сайын, ай жаңырган сайын, майрам сайын Теңирге арналган бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты өрттөгөн учурда кызмат кылышат.

32 Алар келишим сандыгын, ыйык жайды жана Теңир үйүндө кызмат кылып жаткан өз бир туугандары болгон Арундун уулдарын кайтарышат.

**24-БӨЛҮМ**

**Арундун уулдарынын өкчөмө таш боюнча жыйырма төрт кезекке бөлүнүшү**

1 Арундун уулдары мындай бөлүндү: Арундун уулдары: Надап, Абыйут, Элазар жана Итамар.

2 Надап менен Абыйут атасынан мурун каза болушту, алардын уулдары болгон эмес. Ошондуктан Элазар менен Итамар ыйык кызмат кылышты.

3 Дөөт аларды кызматка бөлүштүрдү – Элазардын уулдарынан Садокту, Итамардын уулдарынан Акимелекти кызматы боюнча бөлдү.

4 Итамардын уулдарына караганда Элазардын уулдарынын башчылары көбүрөөк болуп чыкты. Ошондуктан ал буларды мындай бөлдү: Элазар уулдарынан он алты уруу башчы, Итамар уулдарынан сегиз уруу башчы.

5 Аларды өкчөмө таш ыргытып бөлдү, анткени Элазардын уулдарынан да, Итамардын уулдарынан да ыйык жайда жана Кудайдын алдында башчы болуп турушту.

6 Аларды лебилерден катчы болгон Натанаелдин уулу Шемая падыша менен төрөлөрдүн алдында, ыйык кызмат кылуучу Садоктун алдында жана Абыйатардын уулу Акимелектин алдында, лебилер менен ыйык кызмат кылуучулар тукумунун башчыларынын алдында тизмеге жазды. Өкчөмө таш ыргытканда, Элазар уруусунан бир үй-бүлөнү, Итамар уруусунан бир үй-бүлөнү алышты.

7 Биринчи өкчөмө таш Жейойарипке, экинчи таш Жедаяга түштү.

8 Үчүнчүсү Харимге, төртүнчүсү Сейоримге,

9 бешинчиси Малкияга, алтынчысы Мияминге,

10 жетинчиси Акоско, сегизинчиси Абияга,

11 тогузунчусу Жейшуяга, онунчусу Шеханияга,

12 он биринчиси Элийашипке, он экинчиси Жакимге,

13 он үчүнчүсү Хупага, он төртүнчүсү Жешебапка,

14 он бешинчиси Билгага, он алтынчысы Имерге,

15 он жетинчиси Хейзирге, он сегизинчиси Апитсеске,

16 он тогузунчусу Петахияга, жыйырманчысы Хискияга,

17 жыйырма биринчиси Жахинге, жыйырма экинчиси Гамулга,

18 жыйырма үчүнчүсү Делаяга, жыйырма төртүнчүсү Мазияга түштү.

19 Ысрайылдын Кудай-Теңиринин алардын атасы Арунга берген буйругу боюнча алардын Теңирдин үйүнө келип кызмат кылуу кезеги ушундай.

**Лебинин башка уулдарынын бөлүнүшү**

20 Лебинин башка уулдарынын бөлүнүшү: Амрам уулдарынан: Шубаел. Шубаел уулдарынан: Жехдея.

21 Рехабиядан: Жишия. Ал Рехабиянын тун уулу болчу.

22 Житсардан: Шеломот. Шеломот уулдарынан: Жахат.

23 Хеброндун уулдарынан: биринчи Жерия, экинчи Амария, үчүнчү Жахазиел, төртүнчү Жекамам.

24 Узиелдин уулдарынан: Миха. Миханын уулдарынан: Шамир.

25 Миханын бир тууганы Жишия. Жишиянын уулдарынан: Захария.

26 Мераринин уулдары: Махли менен Муши. Жаазиянын уулдарынан: Бено.

27 Мераринин уулдарынын ичинен Жаазиядан: Бено менен Шоям, Закур жана Ибри.

28 Махлиден Элазар, Элазардын уулдары болгон эмес.

29 Киш тукумунан, Киштин уулдарынан: Жерахмейел.

30 Мушинин уулдары: Махли, Эйдер жана Жеримот. Уруулары боюнча лебилердин уулдары ушулар.

31 Алар да өз бир тууганы Арундун уулдары менен кошо Дөөт падышанын, Садоктун, Акимелектин жана ыйык кызмат кылуучулар менен леби урууларынын башчыларынын алдында өкчөмө таш ыргытышты. Уруу башчылары кенже бир туугандары менен бирдей укукта болду.

**25-БӨЛҮМ**

**Ырчылардын саны жана алардын милдеттери**

1 Дөөт менен аскер башчылар Асаптын, Эймандын жана Жедутундун уулдарын кызмат кылууга бөлүп коюшту. Алар лира тартып, арфа чертип, жез табак кагып, пайгамбарчылык кылып туруулары керек эле. Ушул кызматты аткарууга бөлүнгөн адамдар булар:

2 Асаптын уулдарынан: Закур, Жусуп, Нетания жана Асарел. Булар – падышанын буйругу боюнча, Асаптын жетекчилиги астында ойной турган Асаптын уулдары.

3 Жедутундан Жедутундун уулдары: Гедалия, Сери, Ышайа, Шемей, Хашабия жана Мататия – алтоо. Булар – атасы Жедуттун жетекчилиги астында Теңирди мактап жана даңктап, лира черте тургандар.

4 Эймандан Эймандын уулдары: Букия, Матания, Узиел, Шебуел, Жеримот, Ханания, Ханани, Элийап, Гидалети, Ромамти-Эзер, Жошбекеша, Малоти, Отир жана Махазиот.

5 Кудайдын сөзү боюнча, Анын даңкын даңазалоого коюлган падышанын көрөгөчү Эймандын уулдары ушулар. Кудай Эйманга он төрт уул жана үч кыз берген.

6 Булардын баары – падышанын же Асаптын, Жедутундун жана Эймандын көрсөтүүсү боюнча Кудайдын үйүндө кызмат кылып, атасынын жетекчилиги астында Теңирдин үйүндө жез табак кагып, арфа жана лира чертип ырдагандар.

7 Бул өнөрдү билген, Теңирдин алдында ырдоого үйрөнгөн бир туугандары менен бирге алардын саны эки жүз сексен сегиз эле.

**Алардын өкчөмө таш боюнча жыйырма төрт кезекке бөлүнүшү**

8 Алар кызмат кылуу кезегин билиш үчүн, улуу-кичүү, устат-шакирт дебей, өкчөмө таш ыргытышты.

9 Биринчи кезек Асапка тийди, Жусуп үчүн. Экинчи кезек бир туугандары жана уулдары менен Гедалияга тийди. Алар – он эки.

10 Үчүнчү кезек уулдары жана бир туугандары менен Закурга тийди. Алар – он эки.

11 Төртүнчү кезек уулдары жана бир туугандары менен Житсириге түштү. Алар – он эки.

12 Бешинчи кезек уулдары жана бир туугандары менен Нетанияга тийди. Алар – он эки.

13 Алтынчы кезек уулдары жана бир туугандары менен Букияга тийди. Алар – он эки.

14 Жетинчи кезек уулдары жана бир туугандары менен Жесарелге тийди. Алар – он эки.

15 Сегизинчи кезек уулдары жана бир туугандары менен Ышайага тийди. Алар – он эки.

16 Тогузунчу кезек уулдары жана бир туугандары менен Матанияга тийди. Алар – он эки.

17 Онунчу кезек уулдары жана бир туугандары менен Шимейге тийди. Алар – он эки.

18 Он биринчи кезек уулдары жана бир туугандары менен Азариелге тийди. Алар – он эки.

19 Он экинчи кезек, уулдары жана бир туугандары менен Хашабияга тийди. Алар – он эки.

20 Он үчүнчү кезек уулдары жана бир туугандары менен Шубаелге тийди. Алар – он эки.

21 Он төртүнчү кезек уулдары жана бир туугандары менен Мататияга тийди. Алар – он эки.

22 Он бешинчи кезек уулдары жана бир туугандары менен Жеримотко тийди. Алар – он эки.

23 Он алтынчы кезек уулдары жана бир туугандары менен Ханանияга тийди. Алар – он эки.

24 Он жетинчи кезек уулдары жана бир туугандары менен Жошбекешага тийди. Алар – он эки.

25 Он сегизинчи кезек уулдары жана бир туугандары менен Хананиге тийди. Алар – он эки.

26 Он тогузунчу кезек уулдары жана бир туугандары менен Малотиге тийди. Алар – он эки.

27 Жыйырманчы кезек уулдары жана бир туугандары менен Элийапка тийди. Алар – он эки.

28 Жыйырма биринчи кезек уулдары жана бир туугандары менен Отирге тийди. Алар – он эки.

29 Жыйырма экинчи кезек уулдары жана бир туугандары менен Гидалетиге тийди. Алар – он эки.

30 Жыйырма үчүнчү кезек уулдары жана бир туугандары менен Махазиотко тийди. Алар – он эки.

31 Жыйырма төртүнчү кезек уулдары жана бир туугандары менен Ромамти-Эзерге тийди. Алар – он эки.

**26-БӨЛҮМ**

**Дарбаза кайтаруучуларды бөлүштүрүү**

1 Дарбазачылардын бөлүштүрүлүшү: Корак тукумунан: Асап уулдарынан Корактын уулу Мешелемия.

2 Мешелемиянын уулдары: туну – Захария, экинчиси – Жедийаел, үчүнчүсү – Зебадия, төртүнчүсү – Жатниел,

3 бешинчиси – Эйлам, алтынчысы – Жоханан, жетинчиси – Элийонай.

4 Обейт-Эдомдун уулдары: туну – Шемая, экинчиси – Жейозабат, үчүнчүсү – Жаах, төртүнчүсү – Сакар, бешинчиси – Натанаел,

5 алтынчысы – Амиел, жетинчиси – Исахар, сегизинчиси – Пейултай, анткени ага Кудай батасын берген.

6 Анын уулу Шемаядан да өз уруусуна башчылык кылган уулдар төрөлгөн. Алар күчтүү адамдар болгон.

7 Шемаянын уулдары: Отни, Репаел, Обейт жана Элзабат, анын бир туугандары Элийу менен Семакия – күчтүү адамдар.

8 Булардын баары Обейт-Эдомдун уулдарынан болгон. Алар, алардын уулдары жана бир туугандары тырышчаак, кызматка жөндөмдүү адамдар эле. Обейт-Эдомдун тукуму – алтымыш эки адам.

9 Мешелемиянын жөндөмдүү уулдары менен бир туугандары – он сегиз адам.

10 Мераринин уулдарынын бири Хосанын уулдары: Шимри – башчысы, ал тун уулу болбосо да, атасы аны башчы кылып койгон.

11 Экинчиси – Хилкия, үчүнчүсү – Тебалия, төртүнчүсү – Захария. Хосанын уулдары менен бир туугандары он үч.

12 Теңир үйүндө кызмат кылуу үчүн, бир туугандары сыяктуу эле жөндөмдүү дарбазачылардын башчы болуп бөлүнүшү мына ушундай.

13 Алар өз уруулары боюнча ар бир дарбаза үчүн, улуу-кичүү дебей, өкчөмө таш ыргытышты.

14 Өкчөмө ташты ыргытканда, Шелемияга чыгыш тарап түштү. Анын уулу акылман кеңешчи Захарияга түндүк тарап түштү.

15 Обейт-Эдомго түштүк тарап, анын уулдарына кампанын капкасын кайтаруу түштү.

16 Шупим менен Хосага батыш тарап жана жол өр тарткан жердеги Шалехет дарбазасы, эки күзөтчү бетме-бет турган жерди кайтаруу түштү.

17 Чыгыш тарапка алтыдан леби, түндүк тарапка төрттөн, түштүк тарапка төрттөн, кампанын алдына экиден,

18 батыш тарабынан короого кире турган жолго төрттөн, короонун өзүнө экиден.

19 Корак уулдары менен Мерари уулдарынан бөлүнгөн дарбазачылар ушулар.

**Казынаны кайтарууга коюлган лебилер**

20 Алардын бир туугандары лебилер болсо Кудайдын үйүндөгү казынаны жана Кудайга арналган буюмдар сакталуучу казынаны кайтарышты.

21 Гейиршуни уулу Ладандын уулдарынан Жехиел. Ал Ладан уруусунун уруу башчысы эле.

22 Жехиелдин уулдары: Зейтам жана анын бир тууганы Жоел Кудайдын үйүндөгү казынаны кайтарышты,

23 алар менен бирге Амрамдын, Житсардын, Хеброндун жана Узиелдин уруулары турду.

24 Мусанын уулу Гейиршомдун уулу Шебуел казына кайтаруучулардын башчысы болду.

25 Шебуелдин бир тууганы – Элиезер, Элиезердин уулу – Рехабия, Рехабиянын уулу – Ышайа, Ышайанын уулу – Жорам, Жорамдын уулу – Зихри, Зихринин уулу – Шеломит.

26 Шеломит жана анын бир туугандары Кудайга арналган буюмдар сакталуучу казынаны кайтарышкан, ал буюмдарды Дөөт падыша, уруу башчылар, миң башылар, жүз башылар жана аскер башчылар Кудайга арнашкан.

27 Алар Теңир үйүнө керектөө үчүн, чаап алгандарынан, олжолоп алгандарынан Кудайга арнап турушкан.

28 Шемуел пайгамбар эмнени арнаса, ошонун баары, Киштин уулу Шабулдун, Нейирдин уулу Абенердин, Серуянын уулу Жойаптын арнагандарынын бардыгы Шеломит менен анын бир туугандарынын колунда болгон.

**Катчылар менен башкаруучулар**

29 Житсар уруусунан: Кенания менен анын уулдары ысрайылдыктардын тышкы иштерин тейлеген катчылар жана башкаруучулар болуп дайындалышты.

30 Хеброн уруусунан: Хашабия жана анын бир туугандары, бир миң жети жүз эр жүрөк адамдар падышанын кызматтарында, Теңирдин ар кандай иштеринде, Иордандын берки тарабында батышты карай жайгашкан бүт Ысрайылды кайтарып турушту.

31 Хеброн уруусунда уруулары менен укум-тукумун башкарып, Хеброн урууларына башчы болуп Жерия турду. Дөөттүн бийлигинин кыркынчы жылында алар санакка киришти, алардын арасынан гилаттык Жазерден баатыр адамдар чыкты.

32 Анын бир тууганларынан жөндөмдүү эки миң жети жүз адамы уруу башчы болду. Аларды Дөөт Рубейиндин, Гаттын уруусуна жана Менашенин жарым уруусуна башчы кылып, Кудайдын бардык иштери менен падышанын бардык иштерин башкартып койгон.

**27-БӨЛҮМ**

**Аскер бөлүктөрүнүн үстүнөн ай сайын кызмат кылып туруу үчүн бөлүштүрүлгөн башчылар**

1 Бул – Ысрайыл уулдарынын жылдын бардык айында, ар ай сайын келип-кетип турган, падышанын бардык иштеринде бөлүм-бөлүм боюнча кызмат кылган уруу башчылардын, миң башылардын, жүз башылардын жана иш башкаруучулардын саны. Ар бир бөлүмдө алар жыйырма төрт миңден болгон.

2 Биринчи ай үчүн, биринчи бөлүмдө Забдиелдин уулу Жашобам башчылык кылган. Анын бөлүмүндө жыйырма төрт миң адам болгон.

3 Ал Перестин уулдарынан болгон, ал биринчи айда бардык аскер башчылардын үстүнөн башчы болгон.

4 Экинчи айда бөлүмдүн үстүнөн акойактык Додай башчылык кылган. Анын бөлүмүндө Миклот төрө да болгон, бөлүмдө жыйырма төрт миң киши бар эле.

5 Үчүнчү ай үчүн үчүнчү аскер башчы Жойаттын, ыйык кызмат кылуучунун уулу Беная болду, анын бөлүмүндө жыйырма төрт миң киши болгон.

6 Бул Беная – отуз эр жүрөк жоокердин бири, алардын башчысы. Анын бөлүмүндө өз уулу Амизабат бар болчу.

7 Төртүнчү ай үчүн, төртүнчүсү Жойаптын бир тууганы Асаел болду, андан кийин анын уулу Зебадия. Анын бөлүмүндө жыйырма төрт миң адам болгон.

8 Бешинчи ай үчүн, бешинчиси жизрахиялык Шамут төрө болду. Анын бөлүмүндө жыйырма төрт миң адам болгон.

9 Алтынчы ай үчүн, алтынчысы текоялык Икештин уулу Ира болду. Анын бөлүмүндө жыйырма төрт миң адам болгон.

10 Жетинчи ай үчүн, жетинчиси пелондук Хелез болду, ал Эпрайымдын уулдарынан эле. Анын бөлүмүндө жыйырма төрт миң адам болгон.

11 Сегизинчи ай үчүн, сегизинчиси Зерак уруусунан хушалык Сипхай болду. Анын бөлүмүндө жыйырма төрт миң адам болгон.

12 Тогузунчу ай үчүн, тогузунчусу Бенжемин уулдарынан анатоттук Абиезер болду. Анын бөлүмүндө жыйырма төрт миң адам болгон.

13 Онунчу ай үчүн, онунчусу Зерак уруусунан нетопалык Марай болду. Анын бөлүмүндө жыйырма төрт миң адам болгон.

14 Он биринчи ай үчүн, он биринчиси Эпрайым уулдарынан пиратондук Беная болду. Анын бөлүмүндө жыйырма төрт миң адам болгон.

15 Он экинчи ай үчүн, он экинчиси Отниелдин уруусунан нетопалык Хелдай болду. Анын бөлүмүндө жыйырма төрт миң адам болгон.

**Ысрайыл урууларынын башчылары**

16 Ал эми Ысрайыл урууларына коюлган башчылар: Рубейинге Зихринин уулу Элиезер, Шымонго Мааханын уулу Шепатия,

17 Лебиге Кемуелдин уулу Хашабия, Арунга Садок,

18 Жүйүткө Дөөттүн бир туугандарынан Элийап, Исахарга Михаелдин уулу Омри,

19 Забулунга Обадиянын уулу Жишмая, Напталыга Азриелдин уулу Жеримот,

20 Эпрайым уулдарына Азазиянын уулу Ошуя, Менашенин жарым уруусуна Педая уулу Жоел,

21 Гилаттагы Менашенин жарым уруусуна Захариянын уулу Идо, Бенжеминге Абенердин уулу Жаасиел,

22 Данга Жерохамдын уулу Азариел болду. Булар Ысрайыл урууларынын жол башчылары эле.

23 Жыйырма жаштагыларды жана андан төмөнкүлөрдү Дөөт санакка киргизген жок, анткени Теңир Ысрайыл тукумун асмандагы жылдыздардай көбөйтөм деп айткан.

24 Серуянын уулу Жойап эсептей баштады, бирок бүтпөй калды. Бул санак үчүн Кудай Ысрайылга каарданды. Бул санак Дөөт падышанын тарыхына кирген жок.

25 Падышанын казыналарынын үстүнөн Адиел уулу Азмабет коюлду. Ал эми талаадагы, шаардагы, айыл-кыштактардагы, мунаралардагы кампаларга Узиянын уулу Жонатан коюлду.

**Дөөт койгон калган кызматчылар**

26 Талаада иштегендердин үстүнөн, дыйканчылыкка Хелуптун уулу Эзри,

27 жүзүмзарларга рамалык Шимей, жүзүмзарлардагы шарап сакталуучу кампалардын үстүнөн шепамдык Забдий,

28 өрөөндөгү зайтун жана анжыр бактарына гедейралык Баал-Канан, өсүмдүк майлары сакталуучу кампаларга Жааш,

29 Шарон жайытындагы бодо малга шарондук Шитрай, өрөөндөгү малга Адлайдын уулу Шапат,

30 төөлөргө Ысмайыл тукумунан Обил, эшектерге мейрондук Жехдея,

31 майда малга агрылык Жазиз жоопкерчиликтүү эле. Булардын баары – Дөөт падышанын мал-мүлкүнө жооптуу адамдар.

32 Дөөттүн агасынын баласы Жонатан даанышман адам болгондуктан, анын кеңешчиси жана катчысы болду. Хахмоминин уулу Жехиел падышанын уулдарына көзөмөлчү болду.

33 Акитопел падышанын кеңешчиси болду. Архилик Хушай падышанын жан досу болду.

34 Акитопелден кийин Бенаянын уулу Жойат жана Абыйатар кеңешчи болду. Ал эми Жойап падышанын аскер башчысы болду.

**28-БӨЛҮМ**

**Дөөт падышанын Ысрайыл жол башчыларынын салтанаттуу чогулушунда өзүнүн тилегин жарыя кылышы**

1 Дөөт Иерусалимде падышага кызмат кылган Ысрайылдын бардык жол башчыларын, уруу башчыларын, бөлүм башчыларын, миң башыларын, жүз башыларын, мал-мүлкүнө жооптуу адамдарын, өз уулдары менен кошо эбнухтарын, аскер башчыларын, бардык эр жүрөк адамдарын чогултту.

2 Анан ал ордунан туруп, мындай деди: «Мени уккула, бир тууганадарым, элим! Менин жүрөгүмдө биздин Кудайдын бутунун астына, Теңирдин келишим сандыгы үчүн бир бейпил үй курсам деген тилегим бар эле, курулуш үчүн керектүүнүн баарын даярдап койдум.

3 Бирок Кудай мага: "Менин ысымыма арнап үй курба, анткени сен жоокер адамсың, сен кан төккөнсүң", – деди.

4 Ошондой болсо да Теңир, Ысрайылдын Кудайы, менин атамдын тукумунан мени тандап алып, түбөлүккө Ысрайылга падыша кылып койду, анткени Жүйүттү төрө кылып тандап алды. Жүйүттүн тукумунан менин атамдын тукумун, атамдын уулдарынын ичинен мени бүткүл Ысрайылга падыша кылып коюш үчүн ырайым кылды.

5 Теңир мага көп уул берди, ошол көп уулдарымдын ичинен Ал менин уулум Сулайманды Ысрайылдын үстүнөн болгон падышачылык такка отургузууга тандап алды.

6 Анан Ал мага мындай деди: "Менин үйүмдү жана Менин короо-жайларымды сенин балаң Сулайман курат, анткени Мен аны Өзүмө уул кылып тандап алдым, Мен ага Ата болом.

7 Эгерде ал бүгүнкү күнгө чейин Менин мыйзамдарым менен буйруктарымды сактап келгендей, мындан ары да аларды бек сактаса, анын падышачылыгын Мен түбөлүккө бекитем".

8 Мен эми Теңирдин жыйыны болгон бардык ысрайылдыктардын көз алдында, Кудайдын кулагына угуза мындай демекмин: Мынабу асыл жерге ээ болуп, көзүңөр өткөндөн кийин, аны балдарыңарга жана урпактарыңарга түбөлүккө мураска калтырышыңар үчүн, Кудай-Теңириңердин бардык мыйзамдарын бек сактап, так аткаргыла.

9 Уулум, Сулайман, сен да атаңдын Кудайын бил, ага чын жүрөгүңдөн, жан-дилиңден кызмат кыл, анткени Теңир бардык жүрөктөрдү сынап турат, эмне ойлогонуңарды билип турат. Эгерде Кудайды издесең, Аны табасың. Эгерде Аны таштай турган болсоң, Ал сени түбөлүккө таштайт.

10 Байкагын, анткени Теңир ыйык жай үчүн үй курууга сени тандап алды, бекем бол жана бул ишти жаса».

11 Дөөт өз уулу Сулайманга кире бериш бөлмөнүн, үйлөрдүн, кампалардын, үстүнкү бөлмөлөрдүн, ички бөлмөлөрдүн жана келишим сандыгы туруучу жайдын,

12 ошондой эле жүрөгүндөгү нерселердин, Теңир үйүнүн короо-жайларынын, тегерегиндеги бүт бөлмөлөрдүн, Кудай үйүндөгү казынанын, Кудайга арналган буюмдар сакталуучу казыналардын,

13 ыйык кызмат кылуучулар менен лебилердин бөлмөлөрүнүн, Теңир үйүндөгү ар кандай кызматка арналган бөлмөлөрдүн, Теңир үйүндөгү бардык идиштердин,

14 салмагы белгиленген алтын буюмдардын, ар кандай кызматка колдонула турган идиштердин, салмагы белгиленген күмүш буюмдардын, ар кандай кызматка колдонула турган идиштердин чиймесин чийип берди.

15 Алтын чырактандар менен алардын чырактарына, алардын ар бирине канча алтын кетерин, ошондой эле күмүш чырактандар менен чырактарга, алардын ар бирине канча күмүш кетерин жазып берди.

16 Нан курмандыгы коюлуучу үстөлдөргө, ар бир үстөлгө канча алтын кетерин, күмүш үстөлдөргө канча күмүш кетерин,

17 таза алтындан жасала турган аш айрыларга, чөйчөктөргө, чараларга, алтын табактарга канча алтын кетерин, күмүш табактарга канча күмүш кетерин,

18 алтындан куюлуп жасала турган жыпар жыттуу зат түтөтүлүүчү жайга канча алтын кетерин жазып берди. Ошондой эле майдан арабанын жана канаттарын жайып, Теңирдин келишим сандыгын жаап турган алтын керуптардын чиймесин чийип берди.

19 «Мунун баарын мен Теңирдин жетекчилиги астында жазгам, Ал мага кандай куруу керектигин түшүндүрүп берген», – деди Дөөт.

**Дөөттүн Сулайманга Теңир үйүн курууну тапшырышы**

20 Дөөт уулу Сулайманга мындай деди: «Бекем, кайраттуу бол, ишке кириш, коркпо, үрөйүңдү учурба. Кудай-Теңир, менин Кудайым, сени менен болот. Теңирдин үйүнө талап кылынуучу иштерди аягына чейин бүтүрмөйүнчө, Ал сенден четтебейт, сени таштабайт.

21 Кудайдын үйүндөгү ар кандай иштерди аткарууга ыйык кызмат кылуучулар менен лебилердин тобу даяр. Сенин дитин коюп иштеген, колунан көөрү төгүлгөн адамдарың бар. Башчылар да, эл да бардык буйруктарыңды аткарууга даяр».

**29-БӨЛҮМ**

**Дөөттүн бүткүл элге акыл-насаат айтып кайрылышы**

1 Дөөт падыша бүткүл жыйынга мындай деди: «Кудай уулдарымдын ичинен бир гана Сулайман уулумду тандап алды. Бирок ал жаш, кубаты аз, бул иш болсо эбегейсиз чоң иш, анткени бул имарат адам үчүн эмес, Кудай-Теңир үчүн!

2 Менин Кудайымдын үйүнө алтын буюмдар үчүн алтын, күмүш буюмдар үчүн күмүш, жез буюмдар үчүн жез, темир буюмдар үчүн темир, жыгач буюмдар үчүн жыгач, акак таштарды, коюлуучу таштарды, ар түрдүү кооз таштарды, ар кандай асыл таштарды, көп мрамор таштарды болгон күч-кубатым менен даярдап койдум.

3 Алтын-күмүш сакталган өзүмдүн казынам бар. Ыйык жай үчүн даярдагандарымдан тышкары, мен аны Кудайдын үйүн сүйгөндүктөн, Кудайдын үйү үчүн берем.

4-5 Үйдүн дубалдарын капташ үчүн, алтындан жасала турган алтын буюм үчүн, күмүштөн жасала турган ар бир буюм үчүн, чебер усталар жасай турган ар кандай нерселер үчүн үч миң талант Опир алтынын, жети миң талант таза күмүш бердим. Бүгүн дагы ким өз каалоосу менен Теңир үчүн курмандык кылат?»

**Башчылар менен элдин чын жүрөктөн берген тартуулары**

6 Ошондо уруу башчылары, Ысрайыл урууларынын башчылары, миң башылары, жүз башылары, падышанын чарба иштерин башкаруучулары ар кандай курмандык бере башташты.

7 Кудай үйүн тургузуш үчүн, алар беш миң талант таза алтын, он миң алтын драхма, он миң талант күмүш, он сегиз миң талант жез, жүз миң талант темир беришти.

8 Кимдин асыл таштары болсо, аларды Кудай үйүндөгү казынага, гейиршунилик Жехиелдин колуна беришти.

9 Эл алардын демилгесине аябай кубанды, анткени алар Теңирге чын жүрөктөн курмандык кылышты. Буга Дөөт падыша да абдан кубанды.

**Дөөттүн Теңирди даңктап, Ага ыраазычылык билдириши**

10 Дөөт бүт жыйындын көз алдында Теңирди мындай деп даңктады: «Атабыз Ысрайылдын Кудай-Теңири, Сага кылымдан кылымга даңк!

11 Теңир, улуулук да, кудуреттүүлүк да, даңк да, жеңиш да, урмат-сый да Сага таандык, жердеги менен асмандагынын баары Сеники! Теңир, падышачылык бийлик да Сеники! Бардыгынын Эгедери Сенсиң, бир Өзүң бардыгынан жогорусуң!

12 Байлык да, атак-даңк да Сенден келет, бардыгына Сен үстөмдүк кылып турасың, Сен күчтүүсүң жана кудуреттүүсүң. Жогору көтөрүү жана бардыгын бекемдөө Сенин колуңда!

13 Бүгүн биз Сени, Теңир, даңазалап, улуу ысымыңды мактап жатабыз!

14 Анткени ушундай курмандык кылууга кудуретибиз жеткидей, мен киммин да, менин элим ким? Анткени бардыгы Сенден, Сенин колуңдан алганыбызды кайра Өзүңө бердик.

15 Себеби биз ата-бабаларыбыздай эле Сенин алдыңда жолоочубуз, келгинбиз. Жер үстүндөгү биздин өмүрүбүз көлөкө сыяктуу, эч кандай үмүт жок.

16 Теңир, Кудайыбыз! Сага, Сенин ыйык ысымыңа арнап үй куруу үчүн даярдап койгондорубуздун баары Сенин колуңдан чыккан, баары Сеники!

17 Кудуреттүү Кудайым, Сенин жүрөктү сынарыңды, таза жүрөктү сүйөрүңдү билем. Мен ушунун бардыгын чын жүрөгүмдөн курмандык кылдым, бул жерде турган элиңдин да Сага кубаныч менен курмандык кылып жатканын көрүп турам.

18 Теңир, биздин ата-бабаларыбыз Ыбрайымдын, Ыскактын, Ысрайылдын Кудайы! Өз элиңдин жүрөгүндөгү ушул жакшы ниетти түбөлүккө сактай көр, алардын жүрөгүн Өзүңө бур.

19 Сенин осуяттарыңды, көрсөтмөлөрүңдү, мыйзамдарыңды сакташы үчүн, ушунун бардыгын аткарышы үчүн жана керек-жарактарын өзүм даярдап берген имаратты курушу үчүн, менин уулум Сулайманга таза жүрөк бер».

20 Дөөт бүт жыйынга: «Биздин Кудай-Теңирибизди даңктагыла!» – деди. Ошондо жыйындагы бүт жамаат ата-бабаларынын Кудай-Теңирин даңктады, жерге жыгылып, Теңирге жана падышага таазим кылышты.

21 Эртеси күнү алар Теңирге курмандыктарын алып келишти, бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктарды: бир миң букачар, бир миң кочкор, бир миң козу, куюлуучу курмандыктарын жана бүт Ысрайылдан көп курмандыктарды алып келишти.

22 Ошол күнү Теңирдин алдында зор кубаныч менен ичип-жешти. Дөөттүн уулу Сулайманды экинчи ирет падыша көтөрүп, Теңирдин алдында жогорку бийликке майлашты, Садокту болсо ыйык кызмат кылуучу кылып майлашты.

**Сулаймандын падыша болушу. Дөөт падышанын көз жумушу**

23 Сулайман өз атасы Дөөттүн ордуна Теңирдин тагына падыша болуп отурду, аны ийгилик коштоп жүрдү. Бүткүл Ысрайыл эли ага баш ийип турду.

24 Бардык башчылар, бардык күчтүүлөр, ошондой эле Дөөттүн башка бардык уулдары Сулайман падышага баш ийишти.

25 Теңир бүткүл Ысрайылдын көз алдында Сулаймандын зоболосун көтөрдү. Ага буга чейин Ысрайылдын эч бир падышасы ээ болбогон падышачылык атак-даңкты берди.

26 Жышай уулу Дөөт Ысрайылга падышачылык кылды,

27 ал Ысрайылга кырк жыл падыша болду: Хеброндо жети жыл падышачылык кылды, Иерусалимде отуз үч жыл падышачылык кылды.

28 Ал бакыбат өмүр сүрүп, өмүргө тоюп, байлыкка, даңкка ээ болуп көз жумду. Анын ордуна уулу Сулайман падыша болду.

29 Дөөттүн алгачкы жана акыркы иштери көрөгөч Шемуелдин жазууларында, пайгамбар Натандын жазууларында жана көрөгөч Гаттын жазууларында жазылган.

30 Ошондой эле ал жазууларда Дөөттүн падышачылык кылышы, эрдиги, анын башынан өткөргөн окуялары, Ысрайылдын жана жер жүзүндөгү бардык падышачылыктардын тарыхы жазылган.

**Экинчи Жылнаама китеби**

**1-БӨЛҮМ**

**Сулаймандын акылмандуулук сурап сыйынуусу**

1 Дөөттүн уулу Сулайман өзүнүн падышачылыгында күчтүү падыша болду. Кудай-Теңири аны менен болуп, аны жогору көтөрдү.

2 Сулайман бүт Ысрайылга: миң башылары менен жүз башыларына, башкаруучулары менен бүт Ысрайылдагы уруу башчыларына чогулууга буйрук берди.

3 Сулайман бүткүл эл менен Гибондогу бийик жерге келди, анткени Кудайдын кулу Муса чөлдө тургузган Теңирдин жыйын чатыры ошол жерде эле.

4 Дөөт Кудайдын келишим сандыгын Кирийат-Жейаримден ал үчүн даярдап койгон жерге алып келди. Анткени Дөөт ал үчүн Иерусалимде жыйын чатырын курган.

5 Хурдун уулу, Уринин уулу Бетселел жезден жасаган курмандык чалынуучу жай болсо ошол жерде, Теңирдин жыйын чатырынын алдында, калган. Сулайман эл менен бирге Кудайга кайрылыш үчүн барды.

6 Сулайман ошол жерде, Теңирдин алдында, жыйын чатырынын алдында турган жезден жасалган курмандык чалынуучу жайдын үстүндө бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктан миңди чалды.

7 Ошол түнү Кудай Сулайманга келип: «Мен сага эмне берейин, сура?» – деди.

8 Сулайман Кудайга мындай деди: «Сен менин атам Дөөткө улуу ырайым көрсөттүң, анын ордуна мени падыша кылдың.

9 Кудай-Теңирим, Сенин атам Дөөткө айткан сөзүң аткарылсын! Жер топурагындай сан жетпеген элге Сен мени падыша кылып койдуң.

10 Эми бул элди башкарганга мага акыл менен билим бер, бул элдин алдында чыгып, кирип турайын. Анткени Сенин бул улуу элиңди ким башкара алат?»

11 Кудай Сулайманга мындай деди: «Жүрөгүңдө ушундай каалоо болгону үчүн жана сен байлык, мал-мүлк, атак-даңк, кас душмандарыңдын жанын, ал тургай, узак өмүр да сурабастан, Мен сени падыша кылган элди башкарууга акыл менен билим сураганың үчүн,

12 сага акыл да, билим да берем. Мен сага сенден мурунку, сенден кийинки падышаларда болбогон байлыкты, мал-мүлктү, атак-даңкты берем».

**Сулаймандын күчү жана байлыгы**

13 Сулайман Гибондогу бийик жерден, жыйын чатырынан, Иерусалимге келди. Ал Ысрайылда падышачылык кылып турду.

14 Сулайман майдан арабаларын, атчан аскерлерди топтоду. Анын бир миң төрт жүз майдан арабасы, он эки миң атчан аскери бар эле. Ал аларды майдан арабалар коюлган шаарларга жана өзү жашаган шаарга, Иерусалимге жайгаштырды.

15 Падыша Иерусалимде алтын менен күмүштөрдү ташка теңеди. Кедр жыгачынын көптүгүнөн аны ойдуңда өскөн тытка теңеди.

16 Аттарды Сулайманга Мисирден жана Кебейден алып келишчү. Падышанын соодагерлери аларды Кебейден акчага сатып алышчу.

17 Мисирден майдан арабаны алты жүз күмүш шекелге, атты жүз элүү күмүш шекелге сатып алып турушту. Так ушундай жол менен алар хеттиктердин жана арамейликтердин бардык падышаларына да өз колдору менен жеткирип турушту.

**2-БӨЛҮМ**

**Сулаймандын ийбадаткана курууга даярдык көрүшү**

1 Сулайман Теңирдин ысымына арнап үй жана өзүнө падыша сарайын курууну ниет кылды.

2 Сулайман жетимиш миң жүк ташуучуну, сексен миң таш сомдоочуну тоого жөнөтүп, алардын үстүнөн үч миң алты жүз көзөмөлчү койду.

3 Сулайман Тир падышасы Хирамга киши жиберип, мындай деп айттырды: «Менин атам Дөөт үйүн куруп жатканда, кедр жыгачтарын кандай жөнөтсөң, мага да ошондой жөнөт.

4 Мен Кудай-Теңиримдин ысымына арнап үй куруп жатам. Ал үй Теңирдин алдында жыпар жыттуу зат түтөтүп туруш үчүн, нан тартуусун дайыма коюп туруш үчүн, ишемби күндөрү эртең менен, кечинде, ай жаңырганда, Кудай-Теңирибиздин майрамдарында чалынуучу бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктарды чалып туруш үчүн курулат. Булар Ысрайыл элине түбөлүккө осуятталган.

5 Мен куруп жаткан үй – чоң үй, анткени Кудайыбыз Өзү улуу, бардык кудайлардан жогору.

6 Аны асман менен асмандардын асманы сыйдыра албай жатканда, Ага арнап үй курууга кимдин күч-кубаты жетет? Ага арнап үй кургудай мен киммин? Анын алдында жыпар жыттуу зат түтөтүү үчүн эле куруп жатам.

7 Ошондуктан мага алтындан, күмүштөн, жезден, темирден буюм жасаганды жана ачык кызыл, кочкул кызыл, жакут түстүү жип менен токуганды, ошондой эле оймо иштерин билген кишини жибер. Ал атам Дөөт даярдаган Жүйүт аймагы менен Иерусалимдеги менин чебер усталарым менен бирге иштесин.

8 Мага Лебанондон кедр, кипарис, сандал жыгачтарын жөнөт, анткени мен сенин кулдарыңдын Лебанон дарактарын жакшы кыярын билем. Менин кулдарым сенин кулдарың менен бирге барышат.

9 Мен өтө көп жыгачтарды даярдашым керек, себеби мен куруп жаткан үй чоң жана керемет жай болот.

10 Бак кыя турган кулдарыңдын тамагына жыйырма миң кор буудай, жыйырма миң кор арпа, жыйырма миң бат шарап, жыйырма миң бат зайтун майын жөнөтөм».

11 Тир падышасы Хирам кат аркылуу мындай деген жооп жөнөттү: «Теңир Өз элин сүйгөндүктөн, сени аларга падыша кылып койду».

12 Хирам дагы мындай деди: «Падыша Дөөткө Теңирге арнап үй жана өзүнө арнап падыша сарайын курууга ниеттенген, акылман, түшүнүгү терең, акыл-эстүү уул берген, асман-жерди жараткан ысрайылдыктардын Кудай-Теңирине даңк!

13 Мен сага билимдүү, акылдуу Хурам-Абийди жиберип жатам.

14 Ал – Дан уруусунун кыздарынан болгон бир аялдын уулу, атасы болсо Тир тургуну. Ал алтындан, күмүштөн, жезден, темирден, жыгачтан, асыл таштан буюм жасаганды, ачык кызыл, жакут түстүү, зыгыр, кочкул кызыл жип менен токуганды, оймо иштерин билет. Ал сенин чебер усталарың жана сенин атаң, менин мырзам падыша Дөөттүн чебер усталары менен бирге сен кандай иш тапшырсаң, ошонун бардыгын аткарат.

15 Ал эми өзүң айткан арпа менен буудайды, шарап менен зайтун майларын, мырзам, кулдарыңа жөнөт.

16 Биз сага канча керек болсо, ошончо Лебанон дарагын кыйып, салга жүктөп, деңиз аркылуу Жапага жеткиребиз. Андан ары Иерусалимге өзүң алып кетесиң».

**Ийбадаткананын курулушунун башталышы**

17 Сулайман атасы Дөөт санагандан кийин келген Ысрайылдагы бардык келгиндерди санап чыкты, алардын саны жүз элүү үч миң алты жүз адам болду.

18 Алардын ичинен сексен миңин тоодон таш сомдоочу жана жетимиш миңин жүк ташуучу кылып бөлдү да, аларды өз убагында иштетип туруу үчүн, үч миң алты жүз көзөмөлчү койду.

**3-БӨЛҮМ**

1 Сулайман Иерусалимде, Мориа тоосунда Теңир үйүн кура баштады. Ал аны атасы Дөөткө Теңир көрсөткөн жерге, Дөөт даярдап кеткен жебустук Арабенанын кырманы турган жерге, кура баштады.

2 Үйдү ал падышачылык бийлигинин төртүнчү жылында, экинчи айдын экинчи күнүндө кура баштады.

3 Сулайман куруп жаткан Кудай үйүнүн пайдубалынын узундугу мурунку чен-өлчөм боюнча алтымыш чыканак, туурасы жыйырма чыканак болду.

4 Үйдүн кире бериш бөлмөсүнүн узундугу имараттын туурасы сыяктуу эле жыйырма чыканак, ал эми бийиктиги жүз жыйырма чыканак болду. Анын ички бетин таза алтын менен каптады.

5 Негизги имаратты кипарис жыгачтары менен каптап чыгып, анын үстүнөн эң жакшы алтын менен каптады да, анын бетине пальмалардын жалбырактары менен чынжырчаларды чыгарды.

6 Кооздук үчүн, үйдүн дубалдарын асыл таштар менен каптады. Алтындар Парбайымдын алтындары эле.

7 Үйдү, устундарын, босоголорун, дубалдарын, эшиктерин алтын менен каптады, дубалдарга керуптардын сүрөттөрү оюлуп жасалды.

8 Анан ыйыктын ыйыгы бөлмөсүн жасады. Анын узундугу менен туурасы имараттын туурасы сыяктуу эле жыйырма чыканак болду. Аны алты жүз талант таза алтын менен каптады.

9 Мыктардын салмагы элүү шекел алтын болду. Ошондой эле үстүнкү бөлмөлөрдү да алтын менен каптады.

10 Ыйыктын ыйыгы бөлмөсүнө эки керупту оюп жасап, аларды да алтын менен каптады.

11 Керуптардын канаттарынын узундугу жыйырма чыканак болду. Беш чыканак болгон бир канаты үйдүн дубалына жетип, беш чыканак болгон экинчи канаты экинчи периштенин канаты менен тийишип турду.

12 Ошондой эле экинчи керуптун беш чыканак канаты да дубалга жетип, беш чыканак экинчи канаты экинчи керуптун канаты менен тийишип турду.

13 Бул керуптардын канаттары жыйырма чыканакка жайылып турду, буттары менен турган алардын жүздөрү ичкери карап турду.

14 Жакут, ачык кызыл, кочкул кызыл түстүү кездемелерден жана зыгыр кездемеден көшөгө жасап, анын бетине керуптарды түшүрдү.

**Эки жез мамы**

15 Ийбадаткананын алдына узундугу отуз беш чыканак келген эки мамы орнотту, ар бир мамынын үстүнкү бөлүгүнүн узундугу беш чыканак эле.

16 Ыйык жайдыкындай чынжырчаларды жасап, аларды мамылардын баш жагына койду. Жүз анар жемишин жасап, чынжырчалардын үстүнө койду.

17 Мамыларды ийбадаткананын алдына, бирин анын оң жагына, экинчисин сол жагына орнотуп, оң жагындагысын Жахин, сол жагындагысын Бууз деп атады.

## 4-БӨЛҮМ

**Ийбадатканага таандык нерселер**

1 Жезден узуну жыйырма чыканак, туурасы жыйырма чыканак, бийиктиги он чыканак болгон курмандык чалынуучу жай жасады.

2 Жезден бир четинен экинчи четине чейин он чыканак, тереңдиги беш чыканак болгон чоң тегерек чара жасады. Чараны тегерете отуз чыканак чынжыр менен курчады.

3 Чаранын астында тегерете, бардык тарабында жезден куюлган өгүздөр турган. Чараны тегерете он чыканак чара менен кошо куюлган эки катар өгүздөр турган.

4 Үчөө түндүктү, үчөө батышты, үчөө түштүктү, үчөө чыгышты караган он эки өгүздүн үстүндө чара турду. Өгүздөрдүн арты чаранын астына кирип турду.

5 Ал чаранын калыңдыгы алакандын жазысындай эле, жээктери чөйчөктүн четиндей, ачылган лилияга окшош жасалды. Анын сыйымдуулугу үч миң бат.

6 Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктардын өрттөөгө даярдалган бөлүктөрүн жууш үчүн, он жез жуунгуч жасап, бешөөнү оң тарапка, бешөөнү сол тарапка койду. Чоң чараны болсо ыйык кызмат кылуучулар жуунуш үчүн жасады.

7 Анан долбоордун негизинде он алтын чырактан жасап, бешөөнү ийбадаткананын оң тарабына, бешөөнү сол тарабына койду.

8 Он үстөл жасап, бешөөнү ийбадаткананын оң тарабына, бешөөнү сол тарабына койду. Анан алтындан жүз чара жасады.

9 Ыйык кызмат кылуучулардын короосун жана чоң короо жасады. Бул короолорго эшиктерди жасап, аларды жез менен каптады.

10 Чоң чараны Кудай үйүнүн оң тарабына, түштүк-чыгышка орнотту.

11 Хурам казандарды, калактарды, чараларды жасады. Ошентип, Хурам Сулайман падыша үчүн, Кудай үйүндө баштаган өзүнүн иштерин бүтүрдү:

12 ал эки мамы, мамылардын башын курчаган эки таажы, мамынын башын курчаган эки таажы үчүн эки тор жасады,

13 ар бир торго эки катардан төрт жүз анар жасап, мамылардын үстүндөгү таажыларды жапты.

14 Ал жуунгучтарды, алардын астына дөңгөлөктүү койгучтарды,

15 чоң чараны жана анын астындагы он эки жез өгүздү,

16 чылапчындарды, калактарды, аш айрыларды жасады. Хурам-Абий Теңир үйү үчүн Сулайман падышага жалтылдаган жылма жезден бардык керектүү буюмдарды жасады.

17 Падыша аларды Иордандын чет-жакасындагы Сукот менен Серейдат аралыңдагы чополуу жерге куюп жасады.

18 Сулайман бул буюмдарды өтө көп жасагандыктан, канча салмактагы жез сарпталганын билишкен жок.

19 Сулайман ошондой эле Кудай үйүнө бардык буюмдарды, алтындан курмандык чалынуучу жай жана нан тартуулары коюлчу үстөлдөрдү,

20 мыйзам боюнча ыйыктын ыйык бөлмөсүнүн алдында күйгүзүп туруу үчүн таза алтындан чырактандар менен чырактарды,

21 эң таза алтындан гүлдөрдү, чырактарды, кычкачтарды,

22 эң таза алтындан бычактарды, чараларды, табактарды, чок салгычтарды, алтындан ийбадаткананын эшиктерин, ичиндеги ыйыктын ыйык бөлмөсүнө кирүүчү эшиктерди, ыйык жайга кирүүчү эшиктерди жасады.

**5-БӨЛҮМ**

1 Ошентип, Сулаймандын Теңир үйү үчүн кылган бардык иштери бүттү. Сулайман атасы Дөөттүн Кудайга арнаган алтын, күмүш жана асыл буюмдарынын баарын Кудай үйүнүн казынасына берди.

**Келишим сандыгынын ийбадатканага киргизилиши**

2 Ошондон кийин Сулайман Ысрайыл аксакалдарын, бардык уруу башчыларын, Ысрайыл уулдарынын уруу башчыларын Дөөттүн шаарынан, башкача айтканда, Сиондон Теңирдин келишим сандыгын көчүрүп келиш үчүн Иерусалимге чогултту.

3 Жетинчи айда болгон бул майрамда бардык ысрайылдыктар падышанын алдына чогулуп келишти.

4 Ысрайылдын бардык аксакалдары келишти. Лебилер келишим сандыгын көтөрүштү.

5 Келишим сандыгын, жыйын чатырын, андагы бардык ыйык буюмдарды ыйык кызмат кылуучулар менен лебилер көтөрүп жөнөштү.

6 Сулайман падыша жана ага келген бүткүл Ысрайыл жамааты келишим сандыгынын алдында курмандыкка сан жеткис койлорду, букачарларды чалышты. Алардын көптүгүнөн санын тактоого мүмкүн эмес эле.

7 Ыйык кызмат кылуучулар Теңирдин келишим сандыгын ийбадатканадагы өзүнүн ордуна, ыйыктын ыйык бөлмөсүнө, керуптардын канаттарынын астына көтөрүп келип коюшту.

8 Келишим сандыгы турган жерге керуптар канаттарын жайып турган, алар келишим сандыгы менен анын шыргыйларын үстүнөн жаап турган.

9 Ыйыктын ыйыгы бөлмөсүнүн кире беришинен шыргыйлардын баштары көрүнүп турчу, бирок сыртына чыкчу эмес. Алар ушул күнгө чейин ошол жерде турат.

10 Келишим сандыгында Ысрайыл уулдары Мисирден чыкканда, Теңир алар менен келишим түзгөндө, Муса Хорепте салган эки таш лооктон башка эч нерсе жок болчу.

**Теңирдин даңкы**

11 Ыйык кызмат кылуучулар ыйык жайдан чыгышты. Анткени ыйык жайда болгон ыйык кызмат кылуучулардын баары кайсы топко киргенине карабастан, ыйыкталып калышчу.

12 Ырчы лебилердин бардыгы, башкача айтканда, Асап, Эйман, Жедутун жана алардын балдары менен бир туугандары зыгыр буласынан токулган кийим кийишип, жез табак, арфа, лира менен курмандык чалынуучу жайдын чыгыш тарабында турушту, алар менен бирге жүз жыйырма ыйык кызмат кылуучу сурнай тартып турду.

13 Сурнайчылар менен ырчылар бир кишидей болуп Теңирди мактап, даңктап жатышты. Алар сурнай тартып, жез табак кагып, музыкалык аспаптарда ойноп, Теңирди: «Ал ырайымдуу, Анын ырайымы түбөлүктүү», – деп даңкташты. Ошондо Теңирдин үйү булутка толду.

14 Ыйык кызмат кылуучулар булуттан улам кызмат ордуларына тура албай калышты, анткени Кудайдын үйү Теңирдин даңкына толуп турду.

**6-БӨЛҮМ**

**Сулаймандын элге кайрылуусу**

1 Ошондо Сулайман: «Теңир караңгылыкта жашоону каалarын айткан.

2 Мен болсо Сен жашай турган үй курдум, Сен түбөлүк болуп турушуң үчүн жай даярдадым», – деди.

3 Анан падыша өзүнүн алдында турган бардык ысрайылдыктарга бурулуп, мындай деп батасын берди:

4 «Менин атам Дөөткө айткан сөзүн азыр Өз колу менен орундаткан ысрайылдыктардын Кудай-Теңирине даңк! Ал мындай деп айткан эле:

5 “Мен Өз элимди Мисир жеринен алып чыккан күндөн тартып, Өзүмдүн ысымым тура турган үйдү куруш үчүн, Ысрайыл тукумунан бир да шаарды тандап алган эмесмин жана Өзүмдүн Ысрайыл элимди башкара турган адамды да тандап алган эмесмин.

6 Бирок Өзүмдүн ысымым болуп туруш үчүн, Иерусалимди тандап алдым жана Өз элим Ысрайылды башкарыш үчүн, Дөөттү тандап алдым”.

7 Менин атам Дөөттүн Ысрайылдын Кудай-Теңиринин ысымына арнап үй курам деген ою бар эле.

8 Бирок Теңир менин атам Дөөткө мындай деген: “Сенин Менин ысымыма арнап ийбадаткана курайын деген оюң бар, жүрөгүңдө мындай ойдун болгону жакшы.

9 Бирок ийбадатkананы сен курбайсың, Менин ысымыма арнап ийбадатkананы сенин тукумуңан чыккан уулуң курат”.

10 Теңир Өз оозунан чыккан сөздү аткарды: Теңир айткандай, Дөөт атамдын ордуна мен келдим, Ысрайылдын тагына отурдум жана ысрайылдыктардын Кудай-Теңиринин ысымына арнап үй курдум.

11 Ал үйгө Теңирдин Ысрайыл уулдары менен түзгөн келишими салынган Теңирдин келишим сандыгын койдум».

**Сулаймандын сыйынуусу**

12 Сулайман Теңирдин курмандык чалынуучу жайынын жанында, бүткүл Ысрайыл жыйынынын алдында туруп, колдорун асманга көтөрдү.

13 Ал жезден узундугу беш чыканак, туурасы беш чыканак, бийиктиги үч чыканак болгон секиче жасап, короонун дал ортосуна орноткон. Ошонун үстүндө туруп, бүткүл Ысрайыл жамаатынын алдында тизе бүгүп, колдорун асманга көтөрдү.

14 Анан мындай деди: «Теңир, ысрайылдыктардын Кудайы! Асманда да, жерде да Сендей Кудай жок. Сенин алдыңда чын жүрөктөн жүргөн кулдарыңа ырайым кыласың, келишимиңди сактайсың.

15 Сен Өз кулуңа, менин атам Дөөткө, айткан убадаңды орундаттың. Өз оозуңан чыккан убаданы бүгүн Өз колуң менен аткардың.

16 Теңир, Ысрайылдын Кудайы! Өз кулуң, менин атам Дөөткө: “Сен Менин алдымда Менин мыйзамдарым боюнча кандай жүрсөң, сенин уулдарың да ошондой жүрсө, сенин тукумуңдан Менин көз алдымда Ысрайылдын тагында отурган адам үзүлбөйт”, – деп айткан убадаңды эми аткара көр.

17 Эми Теңирим, Ысрайылдын Кудайы, Өз кулуң Дөөткө айткан сөзүң ордунан чыксын!

18 Чындыгында, Кудай адамдар менен жерде жашамак беле? Сени асман, асмандардын асманы батыра албайт! Анан мен курган ийбадаткана батыра алмак беле!

19 Бирок Теңирим, Кудайым, Өз кулуңдун сыйынуусуна, суранычына назар сал. Сенин алдыңда сыйынып жаткан кулуңдун сыйынуусуна жана өтүнүчүнө кулак сал.

20 Өз ысымыңды орнотом деп убада берген ушул ийбадатканадан күн-түн дебей көзүңдү алба. Ушул жерден сыйынган кулуңдун сыйынуусун ук.

21 Өз кулуңдун, Өз элиң Ысрайылдын ушул жерде сыйынган сыйынуусуна кулак сал. Өзүң турган жерден, асмандан кулак сал, кулак сала көр, ырайым кыла көр!

22 Ким өз жакынына каршы күнөө кылса, аны ант бер деп талап кылышса, ал Сенин ушул ийбадатканаңда, курмандык чалынуучу жайдын алдында ант берсе,

23 Сен асмандан угуп, Өз кулдарыңа өкүм чыгар, айыптууну кылган күнөөсүнө жараша жазала, айыпсызды актыгына жараша акта.

24 Сенин элиң Ысрайыл Сенин алдыңда кылган күнөөсү үчүн душман тарабынан талкаланганда, Сага кайрылып, Сенин алдыңда күнөөлөрүн мойнуна алып, ушул ийбадатканада Сага жалынып сыйынганда,

25 асмандан алардын үнүн угуп, Өз элиң Ысрайылдын күнөөсүн кечир, аларды өздөрүнө, ата-бабаларына Өзүң берген жерге кайра алып кел.

26 Сенин алдыңда кылган күнөөсү үчүн асман жабылып, жамгыр жаабай калганда, Сен аларды моюн сундургандыктан, алар ушул жерде Сенин алдыңда күнөөлөрүн мойнуна алышканда, күнөөлөрүнөн баш тартышканда,

27 Сен асмандан уга көр, Өз кулдарың менен Өз элиң Ысрайылдын күнөөсүн кечир, алар баса турган жакшы жолду көрсөтүп бер, элиңе Өзүң мурас кылып берген жерге жамгыр жаадыр.

28 Жер үстүн ачарчылык, же жугуштуу оору, же ысык шамал, же коңур дат оорусу, же чегиртке, же курт-кумурска каптаганда, же душман аларды өз жеринде кысымга алганда, же кырсык, же кандайдыр бир дарт каптаганда,

29 бир киши же бүткүл Ысрайыл эли башына түшкөн кырсык менен кайгысын сезип, бул ийбадаткана жакка колдорун сунуп сыйынган ар бир сыйынуусун, ар бир өтүнүчүн

30 асмандан – Өзүң турган жерден ук, күнөөсүн кечир, ар кимге жүргөн жолуна жараша тиешесин бер, анткени Сен алардын жүрөгүн жакшы билесиң, адам баласынын жүрөгүн билесиң.

31 Ата-бабаларыбызга Сен берген жерде жашап турганда, өмүрү өткөнчө Сенден коркушсун, Сенин жолуң менен жүрүшсүн.

32 Атүгүл, Өз элиң Ысрайылдан болбогон бөтөн жерлик адам да Сенин улуу ысымың үчүн, Сенин сунулган колуң үчүн, Сенин күчтүү билегиң үчүн алыскы жерден келип, ушул ийбадатканада сыйынганда,

33 Өзүң турган асмандан ук, бөтөн жерлик адамдын Сенден сураганынын баарын аткар, Сенин ысымыңды жер жүзүндөгү бүт эл билсин, Өз элиң Ысрайыл Сенден корккондой, Сенден бардыгы корксун, мен курган үй Сенин ысымың менен аталганын бардыгы билсин.

34 Сенин элиң Өзүң көрсөткөн жол менен душманга каршы чыкканда, Сен тандаган ушул шаарды жана Сенин ысымыңа арнап мен тургузган ийбадаткана жакты карап сыйынганда,

35 Сен асмандан алардын сыйынуусун, өтүнүчүн ук, аларга керектүүсүн бер.

36 Алар Сенин алдыңда күнөө кылганда (анткени күнөө кылбаган адам болбойт), Сен аларга каарданып, душмандарынын колуна салып бергенде, аларды алыс же жакын жерлерге туткундап кетишкенде,

37 алар туткунда жүргөн жеринде күнөөсүн түшүнүп, Өзүңө кайрылып: “Биз мыйзамсыздык кылып күнөө кетирдик, биз айыптуубуз”, – деп сыйынганда,

38 алар туткунда жүргөн жеринде чын жүрөгүнөн, жан-дилинен Сага кайрылып жалынганда, Сен алардын ата-бабаларына берген жерге, Сен тандап алган шаарга, Сенин ысымыңа арнап мен курган бул ийбадаткана жакка кайрылып сыйынышканда,

39 ошондо Сен асмандан, Өзүң турган жайдан алардын сыйынуусун, сураган өтүнүчүн ук, аларга керектүүсүн бер, Өз элиңдин Сенин алдыңда кылган күнөөсүн кечир.

40 Оо Кудайым! Ушул жерден көзүңдү алба, ушул жерде сыйынган сыйынууларга кулак сал.

41 Эми, Кудай-Теңир, Өзүңдүн үйүңө, Сенин кудуреттүүлүгүңдү көрсөткөн келишим сандыгың турган жерге кел. Кудай-Теңир, Сенин ыйык кызмат кылуучуларың куткарылууну кийишсин, Сенин ыйыктарың Сенин ырайымыңа кубанышсын.

42 Кудай-Теңир! Өзүң майлаган адамдан жүзүңдү бурба, Өз кулуң Дөөткө ырайым кыл».

**7-БӨЛҮМ**

**Ийбадаткананын ыйыкталышы**

1 Сулайман сыйынып бүткөндө, асмандан от түшүп, бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык менен башка курмандыктарды күйгүзүп кетти, үйдүн ичи Теңирдин даңкына толду.

2 Ыйык кызмат кылуучулар Теңирдин үйүнө кире албай калышты, анткени Теңирдин үйү Теңирдин даңкына толуп турган болчу.

3 Ысрайылдын бүт уулдары асмандан от түшкөнүн көрүп, Кудайдын даңкы үйгө толгонун көрүп, жерге, секичеге жүзтөмөндөп жыгылып таазим этишти. Теңирди: «Ал ырайымдуу, Анын ырайымы түбөлүктүү», – деп даңкташты.

4 Падыша жана бүт эл Теңирдин алдында курмандык чала баштапты.

5 Сулайман падыша курмандыкка жыйырма эки миң букачар жана жүз жыйырма миң кой чалды. Падыша менен бүт эл Кудайдын үйүн ушинтип ыйыкташты.

6 Ыйык кызмат кылуучулар өз кызматын аткарышты, лебилер Теңирди даңкташ үчүн, Дөөт падыша жасаган Теңирдин күү аспаптары менен турушту. Дөөт алар менен Теңирди мактап ырдачу, анткени Анын ырайымы түбөлүктүү. Ыйык кызмат кылуучулар алардын алдында сурнай тартып турушту, бүт Ысрайыл эли туруп турду.

7 Сулайман Теңир үйүнүн алдындагы короонун ички бөлүгүн да ыйыктады. Жезден жасалган курмандык чалынуучу жайга бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктар, нан курмандыктары, майлар батпай калгандыктан, ал бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктарды, тынчтык курмандыктарынын майларын короонун ички бөлүгүндө өрттөдү.

8 Ошол учурда Сулайман бүткүл Ысрайыл эли менен – Хаматтын кире беришинен Мисир дарыясына чейинки жерлерден келген көп эл менен жети күндүк чоң майрам өткөрдү.

9 Ал эми сегизинчи күнү, майрамдан кийинки күнү ыйык чогулуш өткөрүштү, анткени курмандык чалынуучу жайды жети күн ыйыкташты жана жети күн майрамдашты.

10 Падыша жетинчи айдын жыйырма үчүнчү күнү Теңир Дөөткө жана Сулайманга, Өз эли Ысрайылга көрсөткөн ырайымга кубанып, жүрөктөрү кубанычка, шаттыкка бөлөнгөн элди үй-жайларына коё берди.

**Кудайдын кайрадан Сулайманга келиши**

11 Ошентип, Сулайман Кудайдын үйүн да, падыша үйүн да куруп бүттү. Сулайман жүрөгүндө Кудайдын үйү үчүн да, өз үйү үчүн да эмне кылам деп ойлосо, ошонун баарын ийгиликтүү бүтүрдү.

12 Теңир Сулайманга түн ичинде келип, мындай деди: «Мен сенин сыйынууңду уктум жана ушул жерди Өзүмө курмандык чалынуучу үй катары тандап алдым.

13 Мен асманды жаап коюп, жамгыр жаабай калганда, же жерди жегенге чегирткелерди каптатканда, же Өз элиме жугуштуу ооpу жибергенде,

14 Менин ысымым менен аталган Менин элим моюн сунса, сыйынса, Менин жүзүмдү издесе жана жаман жолдорунан кайтса, анда Мен алардын үнүн асмандан угуп, күнөөлөрүн кечирип, жерин дарттан айыктырам.

15 Эми Мен ушул жерден көзүмдү албайм, ушул жерде сыйынган сыйынууларга кулак салам.

16 Менин ысымым ушул үйдө түбөлүккө туруш үчүн, Мен аны тандап алып, ыйыктадым. Менин көздөрүм менен жүрөгүм дайыма ушул жерде болот.

17 Сен атаң Дөөт Менин алдымда жүргөндөй жүрө турган болсоң, Мен сага буйругандарды аткара турган болсоң, Менин мыйзамдарым менен буйруктарымды сактай турган болсоң,

18 анда Мен сенин атаң Дөөткө убада кылып: "Сенин тукумуңдан Ысрайылды башкарган адам үзүлбөйт", – деп айткан убадам боюнча Сенин падышачылык тагыңды бекемдейм.

19 Эгерде силер Мен берген мыйзамдар менен буйруктарыма моюн сунбай, алардан баш тартсаңар, башка кудайларга кызмат кылып, аларга таазим кылсаңар,

20 анда Ысрайылды Өзүм берген жерден жок кылып, Өз ысымым менен ыйыктаган ушул ийбадаткананы таштап коём, аны бардык элдерге ылакап, күлкү кылам.

21 Ушул улуу ийбадаткананын жанынан өтүп бара жаткан ар ким үрөйү уча: "Эмне үчүн Теңир бул жерди ушундай кылды, эмне үчүн ушул үйдү ушундай кылды?" – деп таң калышат.

22 Ошондо: "Алар Мисир жеринен алып чыккан ата-бабаларынын Кудай-Теңирин таштап салышып, башка кудайларга жабышып, аларга кызмат кылып, таазим кылганы үчүн, Теңир алардын башына ушундай кырсыкты салды", – деп айтышат».

**8-БӨЛҮМ**

**Сулаймандын даңктуу иштери**

1 Теңирдин үйү менен өз үйүн Сулайман жыйырма жылда куруп бүттү.

2 Анан ал Хирам берген шаарларды кайрадан куруп, ал шаарларга Ысрайыл уулдарын отурукташтырды.

3 Сулайман Хамат-Собага барып, аны каратып алды.

4 Чөлгө Тадмор шаарын курду, ал азык-түлүк сактоо үчүн, Хаматка бардык шаарларды курду.

5 Ал дубалдары бийик, дарбазалары, кулпулары бекем, чептүү жогорку Бейт-Хорон менен төмөнкү Бейт-Хоронду,

6 Баалатты жана Сулаймандын азык-түлүк сактоо үчүн курулган бардык шаарларын кайрадан курду. Майдан арабалар менен атчан аскерлер үчүн, ошондой эле Иерусалимде, Лебанондо жана өзүнө тиешелүү жерлерде курам деген бардык шаарларды курду.

7 Ысрайыл уулдарынан эмес болгон хеттиктерден, аморлуктардан, периздиктерден, хибиликтерден жана жебустуктардан калган бардык элди,

8 Ысрайыл уулдары тирүү калтырган алардын балдарынын бардыгын Сулайман бүгүнкү күнгө чейин эрксиз жумушчу кылып салган.

9 Сулайман Ысрайыл уулдарын болсо өз жумуштарына иштеткен жок, алар аскерлер, аны кайтарган сакчылардын башчылары, майдан арабалардын, атчан аскерлердин башчылары эле.

10 Сулайман падышанын эл башкарган башкы көзөмөлдөөчүлөрүнүн саны эки жүз элүү болду.

11 Сулайман Дөөттүн шаарынан фараондун кызын ал үчүн курган үйгө көчүрүп келди. Себеби ал: «Ысрайыл падышасы Дөөттүн үйүндө аял жашабашы керек, анткени Теңирдин келишим сандыгы турган үй ыйык», – деди.

12 Ошондон кийин Сулайман Мусанын осуяты боюнча, ар бир күндүн эрежеси менен ишембиде, ай жаңырганда жана жылына үч жолу: Ачыткысыз нан майрамында, Жумалар майрамында, Алачыктар майрамында бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктарды чалып туруу үчүн,

13 Кудай үйүнүн кире бериш бөлмөсүнүн алдында орнотулган Теңирдин курмандык чалынуучу жайына бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктарды чала баштады.

14 Анан ал атасы Дөөттүн буйругу боюнча кызмат кылуу кезегин белгиледи. Ал ар бир күндүн мыйзамы боюнча Теңирди даңктап, ыйык кызмат кылуучулардын жанында кызмат кылып турушу үчүн, ыйык кызмат кылуучулардын кызмат кылуу кезегин, лебилердин кайтаруу кезегин белгиледи. Ошондой эле дарбазачылардын ар бир дарбазаны кайтаруу кезегин белгиледи. Анткени Кудайдын кишиси Дөөттүн буйругу ушундай болчу.

15 Алар ыйык кызмат кылуучуларга, лебилерге, казынага карата берилген падышанын эч бир буйругун бузушкан жок.

16 Теңирдин үйүнүн пайдубалын кургандан баштап, аны толук бүтүргөнгө чейин, Сулаймандын бардык иштери ушундай тартипте болду.

17 Ошондон кийин Сулайман эдомдуктардын жериндеги деңиз жээгинде жайгашкан Этсион-Гебер менен Эйлатка жөнөдү.

18 Хирам ага өзүнүн кишилери менен кошо кемелерди жана деңизди жакшы билген кулдарды жөнөттү. Алар Сулаймандын кулдары менен Опирге барып, ал жерден төрт жүз элүү талант алтын алышып, Сулайман падышага жеткиришти.

**9-БӨЛҮМ**

**Шебалык падыша аял**

1 Шебалык падыша аял Сулаймандын атак-даңкын угуп, аны табышмак менен сынаш үчүн, көп байлыктары менен жыпар жыттуу заттар, көптөгөн алтын, асыл таштар жүктөлгөн төөлөрү менен Иерусалимге келди. Сулайманга келип, жүрөгүндө болгон бардык нерсе жөнүндө аңгемелешти.

2 Сулайман анын болгон суроолоруна жооп берди. Ал жооп бере албай калган эч нерсе болгон жок.

3 Шебалык падыша аял Сулаймандын акылмандыгын жана ал курган үйдү көрдү.

4 Анын үстөл үстүндөгү тамактарын, кулдарынын турган үйлөрүн, кызматчыларынын адептүүлүгүн, алардын кийимдерин, шарап сунуучуларын, алардын кийимдерин, Теңир үйүндө бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктарды чалганын көрүп, падыша аял айран-таң калды.

5 Ал падышага мындай деди: «Сенин кылган иштериң менен акылмандыгың жөнүндө өз жеримде уккандарым чын экен.

6 Бирок келип өз көзүм менен көргөнгө чейин, алардын сөзүнө ишенген жок элем. Мага сенин улуу акылмандыгыңдын теңи да айтылбаптыр, сен мен уккан сөздөрдөн артык экенсиң.

7 Ар дайым алдыңда туруп, акылман сөздөрүңдү уккан адамдарың бактылуу, кызматчыларың да бактылуу.

8 Сенин Кудай-Теңириңе алкыш! Ал сага ырайым көрсөтүп, Өз Кудай-Теңириңдин падышасы кылып, Өз тагына отургузду. Сенин Кудайың Ысрайылды сүйгөндүктөн, аны түбөлүккө бекемдөө үчүн, ага чындык менен бийлик кылсын деп, сени Өзү падыша койду».

9 Падыша аял падышага жүз жыйырма талант алтын, абдан көп жыпар жыттуу заттар менен асыл таштарды тартуу кылды. Шебалык падыша аял Сулайман падышага тартуу кылган жыпар жытуу заттардай жыпар жыттуу зат болгон эмес.

10 Опирден алтын жүктөп келген Хирамдын кулдары менен Сулаймандын кулдары кызыл жыгачтарды да, кымбат баалуу асыл таштарды да алып келишти.

11 Падыша бул кызыл жыгачтардан Теңирдин үйү менен падышанын үйүнүн тепкичтерин, ырчылар үчүн лираларды, арфаларды жасады. Мурун мындай нерселер Жүйүт жеринде болгон эмес.

12 Сулайман падыша болсо шебалык падыша аялга ал өзү алып келген тартууларга окшобогон, ал каалаган, ал жактырган буюмдарды белек кылды. Падыша аял өз кулдары менен өз жерине жөнөп кетти.

**Сулаймандын байлыгы**

13 Сулайманга бир жылда келген алтындын салмагы алты жүз алтымыш алты талантка барабар болчу.

14 Андан тышкары, Сулайманга алтын менен күмүштү элчилер менен көпөстөр жана Аравиянын бардык падышалары, дубан башчылары да алып келип турушту.

15 Сулайман алтындан балка менен согуп, эки жүз чоң калкан жасады, ар бир калканга алты жүз шекел алтын кетти.

16 Алтындан балка менен согуп, дагы үч жүз чакан калкан жасады, ар бир калканга үч жүз шекел алтын кетти. Аларды падыша Лебанон жыгачынан жасалган үйгө койду.

17 Падыша пил сөөгүнөн чоң такты жасап, аны таза алтын менен каптады.

18 Тактыга чыга турган алты алтын баскычты жана алтын бут койгучту тактыга бириктирип жасады, тактынын отургучунун эки тарабына чыканак койгучтарды жана алардын жанына эки арстанды жасады.

19 Алты баскычтын эки тарабына он эки арстан жасады. Бир да падышачылыкта мындай такты болгон эмес.

20 Сулайман падышанын суусундук иче турган идиштеринин бардыгы алтындан эле. Лебанон жыгачынан курулган үйдөгү идиштер да таза алтындан болчу. Сулаймандын тушунда күмүш эч бааланчу эмес.

21 Анткени Хирамдын кулдары падышанын кемелери менен Таршышка барып келишчү. Кемелер Таршыштан үч жылда бир жолу келчү, ал жактан алтын, күмүш, пилдин сөөктөрү, маймылдар менен тоос куштары алып келинчү.

22 Ошентип, Сулайман падыша байлыгы, акылмандыгы жагынан жер жүзүндөгү бардык падышалардан ашып түштү.

23 Кудай тарабынан берилген Сулаймандын акылмандуулугун угуш үчүн, жер жүзүндөгү падышалар аны издеп келишчү.

24 Алардын ар бири жыл сайын өз атынан алтын-күмүш идиштерди, кийим-кечелерди, курал-жарактарды, жыпар жыттуу заттарды, аттар менен качырларды тартуулап келишчү.

25 Сулаймандын аттары менен майдан арабалары үчүн төрт миң мамысы, он эки миң атчан аскери болгон. Аларды ал арабалар тура турган шаарларга жана Иерусалимге, өзү жашаган шаарга, жайгаштырган.

26 Ал Эфрат дарыясынан Пелишти жерине чейинки, андан ары Мисир чегине чейинки бардык падышаларга үстөмдүк кылды.

27 Падыша Иерусалимде күмүштөрдү ташка теңеди. Кедр жыгачынын көптүгүнөн аны ойдуңда өскөн тытка теңеди.

28 Аттарды Сулайманга Мисирден жана бүт жерлерден алып келишчү.

**Сулаймандын көз жумушу**

29 Сулаймандын калган башка иштери, алгачкы да, акыркы да иштери Натан пайгамбардын жазууларында, шилолук Акиянын пайгамбарчылыгында жана көрөгөч Жоелдин Небаттын уулу Жаробам жөнүндө көргөн көрүнүштөрүндө жазылган.

30 Сулайман Иерусалимде бүткүл Ысрайылга кырк жыл бийлик кылды.

31 Сулайман көз жумуп, ата-бабаларына кошулду, атасы Дөөттүн шаарына коюлду. Анын ордуна уулу Рехабам падыша болду.

**10-БӨЛҮМ**

**Ысрайылдын эки падышачылыкка бөлүнүшү**

1 Рехабам Шекемге жөнөдү, анткени бүт ысрайылдыктар аны падыша кылыш үчүн, Шекемге келишкен эле.

2 Небаттын уулу Жаробам бул тууралуу угары менен Мисирден кайтып келди, анткени ал Сулаймандан качып, Мисирде жашап турган.

3 Ага киши жиберип чакыртышты. Жаробам менен бүткүл Ысрайыл келип, Рехабамга мындай дешти:

4 «Сенин атаң бизге оор моюнтурук салган, сен эми атаңдын бизге салган оор моюнтуругун жана оор жумушун жеңилдет, ошондо биз сага кызмат кылабыз».

5 Рехабам аларга: «Үч күндөн кийин мага кайра келгиле», – деди. Эл тарап кетти.

6 Рехабам падыша атасы Сулайман тирүү кезинде анын алдында турган аксакалдар менен кеңешип, алардан: «Кандай кеңеш бересиңер, бул элге эмне деп жооп берейин?» – деп сурады.

7 Алар: «Эгерде сен бул элге жакшы мамиле кылсаң, алардын көңүлүн алсаң, алар менен жакшы сүйлөшсөң, анда алар сага өмүр бою кул болушат», – дешти.

8 Бирок ал аксакалдар айткан акылды укпай, өзүнүн алдында турган, өзү менен бирге өскөн жаш мырзалар менен кеңешти.

9 Аларга: «Кандай кеңеш бересиңер, "Атаң башыбызга салган оор моюнтурукту жеңилдет", – деп жаткан элге эмне деп жооп берейин?» – деди.

10 Аны менен бирге өскөн жаш мырзалар ага мындай дешти: «"Атаң бизди эзген, сен ал моюнтурукту жеңилдет", – деген элге сен: "Атамдын белинен менин чыпалагым жоонураак,

11 атам силерге оор моюнтурук салса, мен аны андан бетер оорлотом, атам силерди камчы менен сабаса, мен силерди тикенектүү камчы менен жазалайм", – дегин».

12 Жаробам менен бүт эл Рехабамга үчүнчү күнү келишти, анткени ал: «Үч күндөн кийин кайра келгиле», – деп айткан эле.

13 Ошондо падыша аларга катаал жооп берди. Рехабам падыша аксакалдардын акылын укпай, жаш мырзалардын кеңеши боюнча мындай деди:

14 «Атам силерге оор моюнтурук салган, мен аны андан бетер оорлотом, атам силерди камчы менен жазаласа, мен силерди тикенектүү камчы менен жазалайм».

15 Ошентип, падыша элдин өтүнүчүн укпай койду, анткени бул Теңирдин шилолук Акия аркылуу Небаттын уулу Жаробамга айткан сөзү ордунан чыгышы үчүн, Кудайдан болгон эле.

16 Падыша алардын сөзүн укпай койгонун көргөн ысрайылдыктардын баары ага: «Дөөттө биздин кандай үлүшүбүз бар? Жышайдын уулунда үлүшүбүз жок. Өз үйүңөргө тарагыла, Ысрайыл! Эми өз урууңду бил, Дөөт», – дешти. Ысрайылдыктар үйлөрүнө тарап кетишти.

17 Рехабам Жүйүт шаарларында турган Ысрайыл уулдарына гана падыша болуп калды.

18 Рехабам Адонурам башчыны салык чогултканы жибергенде, Ысрайыл эли аны таш бараңга алып өлтүрдү. Рехабам падыша арабасына отуруп, Иерусалимге качып жөнөдү.

19 Ысрайыл ошондон бүгүнкүгө чейин Дөөт тукумуна каршы.

**11-БӨЛҮМ**

**Шемаянын пайгамбарчылыгы**

1 Рехабам Иерусалимге келип, Ысрайыл менен согушуп, падышачылыгын кайрып алыш үчүн, Жүйүт менен Бенжеминдин тукумунан жүз сексен миң тандамал аскер жыйнады.

2 Кудайдын кишиси Шемаяга Теңирден мындай деген сөз айтылды:

3 «Жүйүт падышасы, Сулаймандын уулу Рехабамга жана Жүйүт менен Бенжемин тукуму болгон бүт ысрайылдыктарга мындай дегин:

4 Теңир мындай деп айтты де: “Бир туугандарыңарга каршы чыкпагыла, алар менен согушпагыла. Ар кимиңер өз үйүңөргө кайткыла, анткени муну Мен кылып жатам”». Алар Теңирдин айтканына тил алып, Жаробамга каршы барбай, үйлөрүнө кайтышты.

**Рехабамдын шаарларды бекемдеши**

5 Рехабам Иерусалимде жашап турду. Ал Жүйүт аймагынын шаарларын дубалдар менен курчады.

6 Жүйүт аймагындагы жана Бенжеминдеги шаарларды: Бейт-Лехемди, Эйтамды, Текояны,

7 Бейт-Сурду, Сохону, Адуламды,

8 Гатты, Марейшаны, Зупту,

9 Адорайымды, Лакишти, Азейканы,

10 Сораны, Айалонду, Хебронду чыңдады.

11 Ал бул шаарлардын чептерин бекемдеп, аларга башчыларды койду жана дан азыктары, дарак майлары менен шараптар үчүн кампаларды курду.

12 Ар бир шаарга калкандарды, найзаларды берип, абдан бекемдеди. Анын карамагында Жүйүт менен Бенжемин калды.

**Ыйык кызмат кылуучулар менен лебилердин Ысрайылдан Жүйүт аймагына кетиши**

13 Ысрайыл жеринде турган ыйык кызмат кылуучулар менен лебилер ар тараптан ага келип кошулушту.

14 Анткени лебилер шаарлардын жанындагы өздөрүнүн жайыттарын жана ээлик жерлерин таштап, Жүйүт аймагына жана Иерусалимге келишти. Аларды Жаробам менен анын уулдары Теңирге кызмат кылуудан четтетип,

15 Жаробам өзү жасаган бийик жерлердеги бутканаларга да, текелерге да, букачарларга да буткана кызматчыларын койгон болчу.

16 Лебилердин артынан Ысрайылдын бардык урууларынын ичинен Ысрайылдын Кудай-Теңирин издеш үчүн жүрөгүн бургандар ата-бабаларынын Кудай-Теңирине курмандык чалыш үчүн Иерусалимге келишти.

17 Алар жүйүттөрдүн падышачылыгын бекемдеп, Сулаймандын уулу Рехабамды үч жыл колдошту, анткени алар үч жыл Дөөт менен Сулаймандын жолун жолдошту.

**Рехабамдын үй-бүлөсү**

18 Рехабам Дөөттүн уулу Жеримоттун кызы Махалатты аялдыкка алды. Махалаттын энеси Жышайдын уулу Элийаптын кызы Абикейил эле.

19 Абикейил ага Жейуш, Шемария, Заама деген уулдарды төрөп берди.

20 Андан кийин ал Абышаломдун кызы Мааханы алды. Ал аялы ага Абиям, Атай, Зиза жана Шеломит деген балдарды төрөп берди.

21 Рехабам бардык аялдары менен күң аялдарынын ичинен Абышаломдун кызы Мааханы жакшы көрчү. Рехабамдын он сегиз аялы жана алтымыш күң аялы болгон, алардан жыйырма сегиз уул жана алтымыш кыз төрөлгөн.

22 Рехабам Мааханын уулу Абиямды бир туугандарынын үстүнөн үй башчысы жана төрө кылып койду, анткени аны падыша кылгысы келди.

23 Рехабам акыл менен иш жүргүзүп, бардык уулдарын Жүйүт жана Бенжемин жерлерине, чептүү шаарларга жайгаштырып, аларга көп мүлк берип, көп аял алып берди.

**12-БӨЛҮМ**

**Рехабамдын Теңир жолунан четтеп кетиши**

1 Рехабамдын бийлиги чыңдалып, күч-кубаттуу болгон кезде, ал Теңирдин мыйзамдарын таштады жана аны менен кошо бүт Ысрайыл эли да таштады.

2 Рехабамдын падышачылыгынын бешинчи жылында Мисир падышасы Шишак Иерусалимге каршы бет алды (анткени алар Теңирден четтеп кетишкен).

3 Ал бир миң эки жүз майдан арабасы жана алтымыш миң атчан аскери менен кол салды. Аны менен кошо Мисирден эсепсиз көп луптуктар, суктуктар, эфиопиялыктар келишти.

4 Ал Жүйүт аймагындагы чыңдалган шаарларды каратып алып, Иерусалимге келди.

5 Ошондо Шишактан качып, Иерусалимге келген Жүйүт аймагынын төрөлөрүнө жана Рехабамга Шемая пайгамбар келип, мындай деди: «Теңир мындай дейт: “Силер Мени таштап койгондуктан, Мен силерди Шишактын колуна салып берем”».

6 Ошондо жүйүт төрөлөрү менен падыша моюн сунуп: «Теңир адилет!» – дешти.

7 Теңир алардын моюн сунганын көргөндө, Шемаяга Теңирден мындай деген сөз болду: «Булар моюн сунушту, аларды кырып жок кылбайм, жакында куткарам, Иерусалимге Шишактын колу менен каарымды төкпөйм.

8 Бирок Мага кызмат кылуу кандай экенин жана жердеги падышаларга кызмат кылуу кандай экенин билиши үчүн, алар ага кул болушат».

9 Мисир падышасы Шишак Иерусалимге кирип, Теңир үйүндөгү казыналар менен падыша үйүндөгү байлыктарды алды. Сулайман жасаган алтын калкандар менен буюмдардын бардыгын алды.

10 Падыша Рехабам алардын ордуна жез калкандарды жасап, падыша үйүн кайтарган сакчылардын башчыларынын колуна берди.

11 Падыша Теңир үйүнө киргенде, сакчылар аларды көтөрүп келип, кайра сакчылардын бөлмөсүнө алып кетишчү.

12 Ал моюн сунгандан кийин, Теңир каарданганын токтотту, анын тукумун биротоло жок кылган жок, анткени Жүйүт аймагында жакшы нерсе бар эле.

**Рехабамдын көз жумушу**

13 Рехабамдын падышачылыгы чыңдалып, Иерусалимде падышачылык кыла берди. Рехабам падыша болгондо кырк бир жашта эле. Теңир Өзүнүн ысымын орнотуш үчүн, Ысрайылдын бардык урууларынын ичинен Өзү тандап алган Иерусалим шаарында он жети жыл бийлик кылды. Анын энесинин аты – Наама, аламондук болчу.

14 Ал жаман иштерди кылды, анткени жүрөгүн Теңирди издөөгө бурган жок.

15 Рехабамдын алгачкы жана акыркы иштери Шемая пайгамбардын жазууларында жана көрөгөч Ыданын санжырасында жазылган. Рехабам өмүр бою Жаробам менен согушуп келди.

16 Рехабам көз жумуп, ата-бабалары жаткан жайга кошулуп, Дөөттүн шаарына коюлду. Анын ордуна уулу Абиям падыша болду.

**13-БӨЛҮМ**

**Абиямдын Жаробам менен согушушу**

1 Жаробамдын падышачылыгынын он сегизинчи жылында Абиям жүйүттөргө падыша болду.

2 Ал Иерусалимде үч жыл падышачылык кылды. Анын энеси гибалык Уриелдин кызы Михая эле. Ошол кезде Абиям Жаробам менен согушту.

3 Абиям согушка эр жүрөк адамдардан, төрт жүз миң тандамал адамдардан турган аскерин алып чыкты. Жаробам дагы тандалган, эр жүрөк адамдардан турган сегиз жүз миң аскери менен чыкты.

4 Ошондо Абиям Эпрайым тоолорунун бири Семарайым тоосунун чокусуна чыгып, мындай деди: «Жаробам менен Ысрайыл эли, мени уккула!

5 Силер Ысрайылдын Кудай-Теңири туз келишими боюнча Ысрайыл падышачылыгын Дөөткө жана анын уулдарына түбөлүккө бергенин билбейсиңерби?

6 Бирок Дөөттүн уулу Сулаймандын кулу, Небаттын уулу Жаробам өз мырзасына каршы болуп, козголоң чыгарды.

7 Анын тегерегине жеңил ойлуу, бузулган адамдар топтолуп, Сулаймандын уулу Рехабамга каршы чыгышты. Рехабам жаш, күч-кубаты аз болгондуктан, аларга туруштук бере албай калды.

8 Силер эми Дөөттүн уулдарынын колунда турган Теңирдин падышачылыгына каршы тура алабыз деп ойлоп жатасыңар, анткени силер көпсүңөр, Жаробам силерге кудай кылып берген алтын букачарларыңар бар.

9 Теңирдин ыйык кызмат кылуучуларын, Аруундун уулдарын жана лебилерди кубалап, бөтөн жердин элине окшоп, өзүңөргө ыйык кызмат кылуучуларды коюп алган силер эмес белеңер? Өзүн арноо үчүн букачар, жети кочкор алып келген ар кимди силер жалган кудайларыңар үчүн ыйык кызмат кылуучу кылып аласыңар.

10 Ал эми биздин Кудай-Теңирибиз бар. Биз Аны таштаган эмеспиз, Теңирге Аруундун уулдары, ыйык кызматчылар кызмат кылып жатышат. Лебилер да өз кызматтарын аткарып жатышат.

11 Алар ар күнү эртең менен да, кечинде да Теңирге арнап бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктарды чалышат, жыпар жыттуу заттарды түтөтүшөт, таза алтындан жасалган үстөлдүн үстүнө нан курмандыктарын коюшат,

ар күнү кечинде күйүп туруш үчүн, алтын чырактан менен анын чырактарын күйгүзүшөт, анткени биз өз Кудай-Теңирибиздин буйруктарын ыйык сактайбыз, ал эми силер болсо Аны таштап койдуңар.

12 Биздин башчыбыз – Кудай. Анын ыйык кызмат кылуучулары силерге каршы сурнай тартышат. Ысрайыл уулдары! Ата-бабаларыңардын Кудай-Теңирине каршы согушпагыла, анткени ийгиликке жетпейсиңер».

13 Ошол арада Жаробам алардын артына аскерлерин жөнөтүп, буктурма койдурду. Ошентип, өзү жүйүттөрдүн бет алдында турду, буктурма болсо алардын артында эле.

14 Жүйүттөр артын карашса, алдынан да, артынан да сокку уруп жатышыптыр. Ошондо алар Теңирге жалынып жиберишти, ыйык кызмат кылуучулар болсо сурнайларын тартып жиберишти.

15 Жүйүттөр кыйкырышты. Жүйүттөр кыйкырганда, Кудай Абиям менен Жүйүттүн көз алдында Жаробамды жана бардык ысрайылдыктарды талкалады.

16 Ысрайыл уулдары жүйүттөрдөн качып жөнөштү, Кудай аларды жүйүттөрдүн колуна салып берди.

17 Абиям менен анын эли аларды аябай кырды. Ысрайылдын беш жүз миң тандамал адамы кырылды.

18 Ошондон кийин Ысрайыл уулдары моюн сунушту. Жүйүт уулдары жеңишти, анткени алар өз ата-бабаларынын Кудай-Теңирине таянышкан.

19 Абиям Жаробамдын артынан кууп, анын шаарларын каратып алды: Бейтелди жана анын карамагындагы шаарларды, Жешанды жана анын карамагындагы шаарларды, Эпрайинди жана анын карамагындагы шаарларды каратып алды.

20 Жаробам Абиямдын тушунда күчүнө кирген жок. Аны Кудай өлтүрдү, ал өлдү.

21 Абиям болсо күч алды. Ал он төрт аялга үйлөнүп, жыйырма эки уулдуу, он алты кыздуу болду.

22 Абиямдын калган иштери, анын жүрүш-турушу, айткан сөздөрү Ыда пайгамбардын китебинде жазылган.

**14-БӨЛҮМ**

**Аса падышанын эфиопиялыктарды талкалашы**

1 Абиям көз жумуп, ата-бабаларына кошулду, аны Дөөттүн шаарына коюшту. Анын ордуна уулу Аса падыша болду. Анын тушунда ал жерде он жыл тынчтык болду.

2 Аса өз Кудай-Теңирине жаккан жакшы иштерди кылды.

3 Ал башка кудайлардын курмандык чалынуучу жайларын, бийик жердеги бутканаларын четке какты, балбалдарын кыйратты, Ашейра мамыларын кыйды.

4 Анан ал жүйүттөргө ата-бабаларынын Кудай-Теңирин издөөнү, Анын мыйзамдары менен буйруктарын аткарууну буйрук кылды.

5 Жүйүттүн бардык шаарларындагы балбалдар менен күнгө арналган эстеликтерди алып таштады. Анын убагында падышачылык тынч болду.

6 Ал Жүйүт аймагында бекем шаарларды курду, анткени ал жерде тынчтык өкүм сүрүп турган эле. Теңир ал жылдары бейкуттук бергендиктен, эч кандай согуш болгон жок.

7 Ал жүйүттөргө: «Бул шаарларды куруп чыгалы да, аларды чептер менен, мунаралар менен, дарбазалар менен, кулпулуу эшиктер менен бекители. Жер азырынча биздики, анткени биз өз Кудай-Теңирибизди издедик. Биз Аны издегендиктен, Ал бизге бардык тараптан бейпилдик берди», – деди. Алар шаарларды куруп, ийгиликке жетишти.

8 Асанын аскер күчтөрү өтө көп эле. Анын калкан, найза менен куралданган Жүйүт тукумунан үч жүз миң аскери, Бенжемин тукумунан жаа тартып, калкан менен куралданган эки жүз сексен миң эр жүрөк аскери бар эле.

9 Эфиопиялык Зерак бир миллион аскери, үч жүз майдан арабасы менен Асанын аскерине каршы Марейшага келди.

10 Аса ага каршы чыкты. Ал өзүнүн аскерлери менен Марейшанын жанындагы Сепата өрөөнүндө согушка даяр турду.

11 Ошондо Аса Теңирге: «Теңир! Алдууга да, алсызга да Сен гана жардам бере аласың. Кудайым, Теңирим, бизге жардам бер, анткени биз Сага таянабыз, биз бул сансыз душманга каршы Сенин атыңдан аттандык. Теңир! Сен биздин Кудайыбызсың, адам Сага каршы чыга албайт», – деп кайрылды.

12 Теңир эфиопиялыктарды Аса менен Жүйүттүн көз алдында талкалады. Эфиопиялыктар качып жөнөштү.

13 Аса өз эли менен аларды Герарга чейин кууп барды. Эфиопиялыктар кырылды, эч ким тирүү калган жок, анткени алар Теңирдин алдында, Анын жоокерлеринин алдында кырылышты. Аса өз аскери менен эбегейсиз көп олжого ээ болду.

14 Алар Герардын айланасындагы бардык шаарларды кыйратышты, анткени душманды Теңирдин коркунучу басты. Алар бардык шаарларды талап-тоноп, көп олжо алып кетишти.

15 Ошондой эле малчылардын чатырларын кыйратып, өтө көп майда малды, төөлөрдү айдап алып Иерусалимге кайтышты.

**15-БӨЛҮМ**

**Кудай менен түзүлгөн келишимдин жаңыланышы**

1 Ошондо Одейттин уулу Азарияга Кудайдын Руху түштү.

2 Ал Асанын алдынан чыгып, мындай деди: «Аса, Жүйүт менен Бенжемин эли, мени уккула! Силер Теңир менен болсоңор, Ал силер менен болот! Эгерде силер Аны издесеңер, Аны табасыңар. Эгерде силер Аны таштасаңар, Ал силерди таштайт.

3 Ысрайылдын чыныгы Кудайсыз, үйрөтүүчү ыйык кызмат кылуучусуз жана мыйзамсыз жашаган күндөрү көп болгон.

4 Бирок ал эл кысталып-кыйналганда, Ысрайылдын Кудай-Теңирине кайрылып, Аны издегенде, Ал ага Өзүн ачып берген.

5 Ошол учурларда кире турганга да, чыга турганга да тынчтык болгон эмес, анткени жер жүзүндөгү бардык элдер чоң дүрбөлөңгө түшкөн.

6 Бир эл бир эл менен, бир шаар бир шаар менен согушкан, анткени Кудай алардын башына ар кандай мүшкүл түшүрүп, дүрбөлөңгө салган.

7 Бирок силер кайраттангыла, ындыныңарды өчүрбөгүлө, анткени кылган иштериңер үчүн сыйлык аласыңар».

8 Аса бул сөздөрдү жана пайгамбар Одейттин уулунун пайгамбарчылыгын укканда, кайраттанып, Жүйүт менен Бенжеминдин бүт жеринен, Эпрайым тоосундагы өзү басып алган шаарлардан бутпарастардын жийиркеничтерин жок кылып, Теңир үйүнүн алдында турган курмандык чалынуучу жайды калыбына келтирди.

9 Жүйүт менен Бенжемин элин жана алардын арасында жашап жаткан Эпрайымдын, Менашенин, Шымондун тукумун чогултту. Анткени Кудай-Теңир аны менен экенин көргөн ысрайылдыктардын көбү ал тарапка өтүп кетишти.

10 Асанын падышачылык кылганына он беш жыл, үч ай болгондо, алар Иерусалимге чогулушту.

11 Ошол күнү алар олжолоп келген малдардан: бодо малдан жети жүздү, майда малдан жети миңди Теңирге арнап курмандыкка чалышты.

12 Алар ата-бабаларыбыздын Кудай-Теңирин чын жүрөктөн, жан-дилибиз менен издейбиз деп келишим түзүштү.

13 Ал эми Ысрайылдын Кудай-Теңирин ким издебесе, ал кичине болобу, чоң болобу, эркек болобу, аял болобу, өлүшү керек.

14 Алар сурнайлар менен мүйүздөрдүн жаңырыгы астында кыйкырып, Теңирге ант беришти.

15 Бул антка бардык жүйүттөр сүйүнүштү, анткени алар Кудайга чын жүрөгүнөн ант беришкендиктен, Кудайды ынтаа коюп издешкендиктен, Ал Өзүн ачып берди. Теңир аларга бардык тараптан бейпилдик берди.

16 Аса падыша өз энеси Маахáны Ашейра бурканын жасап алганы үчүн, ханышалыктан ажыратты. Аса падыша анын жасаган жыгач бурканын талкалап, майда бөлүктөргө бөлүп, Кидрон өрөөнүндө өрттөп жиберди.

17 Ысрайылдагы бийик жердеги бутканалар жок кылынган жок. Бирок Аса өмүрүнүн акырына чейин жүрөгүн толугу менен Теңирге арнаган.

18 Ал атасы арнаган тартууларды, өзүнүн тартууларын: алтын, күмүш, асыл идиштерди Кудайдын үйүнө алып кирди.

19 Аса падышачылык кылган отуз беш жылдын ичинде эч согуш болгон жок.

## 16-БӨЛҮМ

### Аса менен Бенадаттын ортосундагы келишим

1 Асанын падышачылыгынын отуз алтынчы жылында Ысрайыл падышасы Бааша Жүйүт аймагына каршы көтөрүлдү. Жүйүт падышасы Асага эч ким өтүп кетпесин деп, Бааша Раманы кура баштады.

2 Аса Теңирдин үйү менен падыша үйүнүн казынасынан алтын-күмүштөрдү алып чыгып, Дамаскта жашаган Сирия падышасы Бенадатка жөнөтүп, мындай деп айттырды:

3 «Менин атам менен сенин атаңдын ортосундагыдай, экөөбүздүн ортобузда да тынчтык келишими болсун. Мен сага алтын-күмүш жөнөттүм, Ысрайыл падышасы Бааша менен түзгөн келишимиңди буз, ал менин жанымдан артка чегинсин».

4 Бенадат падыша Асанын тилин алып, өз аскер башчыларын Ысрайылдын шаарларына каршы жөнөттү. Алар Ийон, Дан, Абел-Майымды жана азык-түлүктөрүнүн баары сакталган Напталы шаарларын талкалашты.

5 Бааша бул тууралуу укканда, Раманы курууну токтотту. Ошентип, ал өз ишин токтотту.

6 Аса падыша жүйүттөрдүн баарын чогултуп, Баашанын курулуш үчүн колдонгон таштары менен жыгачтарын Рамадан ташып кетти да, алардан Гиба менен Миспаны курду.

**Ханани пайгамбардын Асаны жемелеши**

7 Ошол учурда көрөгөч Ханани Жүйүт падышасы Асага келип, ага мындай деди: «Сен өз Кудай-Теңириңе таянбай, Сирия падышасына таянгандыгың үчүн, Сирия падышасынын аскерлери колуңдан качып кутулуп кетти.

8 Эфиопиялыктар менен луптуктар сага караганда күчтүү эмес беле, алардын майдан арабалары менен атчан аскерлери сансыз көп эмес беле? Бирок сен Теңирге таянгандыктан, Теңир аларды сенин колуңа салып берген.

9 Анткени Теңир Өзүнө жүрөгүн толугу менен берген адамдарды колдош үчүн, бүт жер жүзүн карап турат. Сен азыр акылсыз иш кылдың. Ошон үчүн мындан ары сага каршы согуш болуп турат».

10 Аса көрөгөчкө ачууланып, аны зынданга камады. Ал ачуулангандыктан ушундай кылды. Ошол учурда Аса эл ичиндеги кээ бир адамдарды да кысымга алды.

**Асанын оорушу жана көз жумушу**

11 Асанын алгачкы жана акыркы иштери Жүйүт менен Ысрайыл падышаларынын китебинде жазылган.

12 Падышачылыгынын отуз тогузунчу жылында, Асанын буту ооруп, бутунун оорусу өйдөлөп отуруп, жогорку мүчөлөрүнө жетти. Бирок ал ооруп жатканда, Теңирди издебей, дарыгерлерге кайрылды.

13 Ошентип, Аса көз жумуп, ата-бабаларына кошулду, ал падышачылыгынын кырк биринчи жылында көз жумду.

14 Аны Дөөттүн шаарына, өзү салган мүрзөгө коюшту. Аны жыпар жыттуу заттар, ар кандай майлар коюлган орунга жаткырышты жана анын урматына сансыз көп заттарды күйгүзүштү.

**17-БӨЛҮМ**

**Жошапаттын падыша болушу**

1 Асанын ордуна уулу Жошапат падыша болду. Ал ысрайылдыктар менен согушууга күч топтоду.

2 Ал Жүйүт аймагынын чыңдалган бардык шаарларына аскерлерин койду. Жүйүттүн бардык жерлерине, атасы Аса каратып алган Эпрайымдын шаарларына күзөт аскерлерин койду.

3 Теңир Жошапат менен болду, анткени ал өз атасы Дөөттүн алгачкы жолу менен жүрдү, Баалдарга табынган жок.

4 Ал атасынын Кудайын издеп, Анын осуяты менен жүрдү, ал эми ысрайылдыктардын кылгандарын кылган жок.

5 Теңир анын падышачылыгын бекемдеди. Жүйүттөрдүн бардыгы ага тартууларын берип турушту. Ал көп байлыкка, атак-даңкка ээ болду.

6 Ал Теңирдин жолунда кайраттанды. Ал бийик жерлердеги бутканаларды да, Жүйүт аймагындагы Ашейра мамыларын да алып таштады.

7 Падышачылыгынын үчүнчү жылында ал өз төрөлөрү: Бен-Кайылды, Обадияны, Захарияны, Натанаелди, Михейди элди үйрөтүүлөрү үчүн, Жүйүттүн шаарларына жөнөттү.

8 Аларга кошуп: Шемая, Нетания, Зебадия, Асаел, Шемирамот, Жонатан, Адония, Тобия, Тоб-Адония деген лебилерди жана Элишама, Жорам деген ыйык кызмат кылуучуларды жөнөттү.

9 Алар Теңирдин мыйзам китебин өздөрү менен кошо алып жүрүп, Жүйүт аймагынын бардык шаарларын кыдырып, элди окутуп жатышты.

**Жошапат падышанын күчү**

10 Ошондо Жүйүт аймагынын тегерегиндеги жерлердин бардык падышачылыктарына Теңирден коркунуч туулду. Ошондуктан алар Жошапат менен согушушкан жок.

11 Пелиштиликтер болсо Жошапатка тартууларды жана салыкка күмүш алып келишти. Аравиялыктар да майда малдан: жети миң жети жүз кочкор, жети миң жети жүз теке айдап келишти.

12 Жошапат күч алгандан күч алып, Жүйүт аймагына чептерди жана азык-түлүк сактоо үчүн шаарларды курду.

13 Анын Жүйүт шаарларында сактап койгон азык-түлүгү өтө көп эле, ал эми Иерусалимде эр жүрөк аскер адамдары турду.

14 Алардын өз уруулары боюнча тизмеси: Жүйүттүн миң башылары: аскер башчы Адна, анын үч жүз миң эң мыкты жоокери болгон;

15 Андан кийин аскер башчы Жоханан, анын эки жүз сексен миң жоокери болгон;

16 Андан кийин Теңирге берилген Зихринин уулу Аматсия, анын эң мыкты эки жүз миң жоокери болгон;

17 Бенжеминден: мыкты жоокер Элийада, анын калкан, жаа менен куралданган эки жүз миң жоокери болгон;

18 Андан кийин Жейозабат турат, анын курал-жарактуу жүз сексен миң жоокери болгон;

19 Жүйүт аймагынын бардык чыңдалган шаарларына падыша калтырган аскерлерден тышкары падышага кызмат кылган жоокерлер ушулар.

**18-БӨЛҮМ**

**Ахап менен Михей пайгамбар**

1 Жошапат көп байлыкка, атак-даңкка ээ болду. Анан ал Ахап менен туугандашты.

2 Ал бир нече жылдан кийин Самариядагы Ахапка барды. Ахап ага жана аны менен келген адамдарга көп бодо мал менен майда мал союп, аны Гилаттын Рамотуна кол салууга көндүрдү.

3 Ысрайыл падышасы Ахап Жүйүт падышасы Жошапатка: «Мени менен Гилаттын Рамотуна барасыңбы?» – деди. Ал ага: «Сен кандай болсоң, мен да ошондоймун. Сенин элиң кандай болсо, менин элим да ошондой. Сени менен согушка барам!» – деди.

4 Жошапат Ысрайыл падышасына: «Бүгүн Теңирден сура, Ал эмне дээр экен?» – деди.

5 Ысрайыл падышасы пайгамбарлардан төрт жүз адамды чогултуп, аларга: «Гилаттын Рамоту менен согушууга барсак болобу же болбойбу?» – деди. Алар: «Баргыла, Кудай аны падышанын колуна салып берет» – деп айтышты.

6 Жошапат: «Бул жерде дагы Теңирдин пайгамбары барбы? Ошондон сурап көрөлүчү», – деди.

7 Ысрайыл падышасы Жошапатка: «Дагы бир киши бар, ал аркылуу Теңирден сурасак болот, бирок мен аны жактырбайм, анткени ал мен тууралуу жакшы пайгамбарчылык кылбайт, дайыма жаман пайгамбарчылык кылат. Ал – Жимланын уулу Михей», – деди. Жошапат: «Андай дебе, падыша», – деди.

8 Ысрайыл падышасы бир эбнухту чакырып: «Тезирээк барып, Жимланын уулу Михейди алып кел», – деди.

9 Ысрайыл падышасы менен Жүйүт падышасы Жошапат, ар бири өз тагында падыша кийимдерин кийип отурушту. Алар Самария дарбазасынын алдындагы аянтта отурушту, бардык пайгамбарлар алардын алдында пайгамбарчылык кылып жатышты.

10 Кенаананын уулу Ситкия маңдайына темир мүйүздөрдү кармап туруп, мындай деди: «“Сен булар менен сириялыктарды өлтүрө сүзөсүң”, – деп жатат Теңир».

11 Пайгамбарлардын бардыгы пайгамбарчылык кылып: «Гилаттын Рамотуна бар, жеңишке жетесиң, Теңир аларды падышанын колуна салып берет», – дешти.

12 Михейди чакырып келгени кеткен киши ага келип: «Пайгамбарлардын бардыгы бир ооздон падышанын жолу болот деп жатышат, сенин сөзүң да булардын айтканындай болсун, сен да жакшы сөз айт», – деди.

13 Михей: «Теңир тирүү, Кудай эмне десе, мен ошону айтам», – деди.

14 Анан ал падышага келди, падыша ага: «Михей, биз Гилаттын Рамоту менен согушууга барсак болобу же болбойбу?» – деди. Тиги: «Баргыла, жеңишке жетесиңер, алар колуңарга салынып берилет», – деди.

15 Падыша ага: «Мага Теңирдин атынан чындыкты гана айтышың үчүн, канча жолу ант бердирейин?» – деди.

16 Михей мындай деди: «Бүт Ысрайыл уулдарынын кайтаруучусу жок жайылган койлордой тоо-тоого чачырап кеткенин көрдүм. Ошондо Теңир: “Булардын башчысы жок, ар кимиси өз үйүнө тынчтык менен кайтсын”, – деди».

17 Ошондо Ысрайыл падышасы Жошапатка: «Мен сага айтпадым беле, бул мен жөнүндө жакшы пайгамбарчылык кылбайт, жалаң гана жаман пайгамбарчылык кылат», – деди.

18 Михей: «Теңирдин сөзүн уккула: Мен Өз тагында отурган Теңирдин Өзүн көрдүм, бардык асман кошуундары Анын оң кол тарабында да, сол кол тарабында да турушуптур.

19 Теңир: “Гилаттын Рамоту менен согушууга барып өлүшү үчүн, Ысрайыл падышасы Ахапты ким азгырат?” – деди. Бири мындай, бири тигиндей деп айтышты.

20 Теңирдин алдына бир рух келип: “Аны мен азгырам”, – деди. Теңир андан: “Эмне менен?” – деп сурады.

21 Ал: “Мен чыгам да, анын пайгамбарларынын оозунда жалган рух болом”, – деди. Теңир: “Сен аны азгыра аласың, муну кыла аласың, бар, так ошондой кыл”, – деди.

22 Мына эми Теңир сенин пайгамбарларыңдын оозуна жалган рухтун кирүүсүнө жол берди, Теңир сен жөнүндө жакшы нерсе айткан жок», – деди.

23 Кенаананын уулу Ситкия келип, Михейди жаакка чаап: «Теңирдин Руху сен аркылуу сүйлөгүдөй, менден Ал кайсы жол менен кетип калды?» – деди.

24 Ошондо Михей: «Мына, сен муну жашыныш үчүн бөлмөдөн бөлмөгө чуркап жүргөн күнү көрөсүң», – деди.

25 Ысрайыл падышасы мындай деди: «Михейди алгыла да, шаар башчысы Амон менен падышанын уулу Жаашка алып барып,

26 аларга: “Муну зынданга салгыла, мен аман-эсен кайтып келгенче, бир аз нан менен суу берип багып тургула”, – деп падыша айтты дегиле».

27 Ошондо Михей: «Эгерде сен аман-эсен келсең, анда Теңир мен аркылуу сүйлөгөн жок», – деди. Анан: «Муну баарыңар уккула, калайык!» – деди.

**Ахаптын өлүшү**

28 Ысрайыл падышасы Ахап менен Жүйүт падышасы Жошапат Гилаттын Рамоту менен согушууга жөнөштү.

29 Ысрайыл падышасы Жошапатка: «Мен башка кийим кийип, салгылашка кирем, сен болсо өзүңдүн падыша кийимиңди кий», – деди. Ысрайыл падышасы башка кийим кийип, салгылашка кирди.

30 Сирия падышасы өзүнүн майдан арабаларынын башчыларына: «Чоңу менен да, кичинеси менен да салгылашпагыла, Ысрайыл падышасы менен гана салгылашкыла», – деди.

31 Майдан арабалардын башчылары Жошапатты көрүп: «Ысрайыл падышасы ушул», – деп ойлоп, аны менен салгылашуу үчүн курчоого алышты. Бирок Жошапат кыйкырып жиберди, Теңир ага жардамга келди, Кудай аларды андан буруп кетти.

32 Майдан арабаларынын башчылары анын Ысрайыл падышасы эмес экенин көрүп, андан бурулуп кетишти.

33 Ошол арада бир кишинин тартып жиберген жебеси капысынан Ысрайыл падышасына тийди. Жебе падыша кийип жүргөн сооттун бириккен жеринен өтүп кетип аны жарадар кылды. Падыша арабакечине: «Артка тарт, мени аскерлердин арасынан алып кет, анткени мен жарадар болуп калдым», – деп айтты.

34 Бирок ал күнкү салгылаш күч алып кетти. Ысрайыл падышасы кечке чейин майдан арабасында сириялыктардын каршысында туруп, күн батып бара жатканда өлдү.

**19-БӨЛҮМ**

**Жейунун Жошапатты жемелеши**

1 Жүйүт падышасы Жошапат Иерусалимдеги өз үйүнө тынчтык менен кайтты.

2 Хананинин уулу көрөгөч Жейу Жошапат падышанын алдынан чыгып, ага мындай деди: «Эмне үчүн мыйзамсызга жардам бердиң, эмне үчүн Теңирди жек көргөндү жакшы көрдүң? Ушундай кылганың үчүн Теңир сага каарданып жатат.

3 Бирок сенин жакшы иштериң да бар, анткени сен Жүйүт жериндеги Ашейра мамыларын жок кылдың, жүрөгүңдү Теңирди издөөгө бурдуң».

**Кудайга туура кызмат кылуунун калыбына келтирилиши**

4 Жошапат Иерусалимде жашап турду. Ал Бейер-Шебадан Эпрайым тоосуна чейин жашаган элин кайра кыдырып, аларды ата-бабаларынын Кудай-Теңирине бурду.

5 Жүйүт аймагындагы бардык чыңдалган шаарлардын ар бирине өз башкаруучуларын койду.

6 Ал башкаруучуларга мындай деп айтты: «Силер эмне кылып жатканыңарды байкагыла. Силер адамдын эмес, Теңирдин өкүмүн чыгарып жатасыңар. Өкүм чыгарган иштериңерде Ал силер менен болот.

7 Ошондуктан силерде Теңирдин коркунучу болсун. Абайлап иш жүргүзгүлө, анткени биздин Кудай-Теңирде адилетсиздик, эки жүздүүлүк, паракордук болбойт».

8 Жошапат Иерусалимде лебилерден, ыйык кызмат кылуучулардан, Ысрайылдын уруу башчыларынан Теңирдин сотун жүргүзүүгө жана талаш-тартыштарды чечүүгө дайындап, Иерусалимге кайтты.

9 Жошапат аларга мындай деп буйрук кылды: «Кудайдан коркуп, берилгендик менен, таза жүрөгүңөр менен иштегиле.

10 Өз шаарларында жашаган бир туугандарыңар кан төгүү тууралуу, же мыйзам тууралуу, же осуят, көрсөтмө, каада-салт тууралуу чыр-чатактары менен келишсе, алар Теңирдин алдында айыпка жыгылбашы үчүн, өзүңөргө жана бир туугандарыңарга Теңирдин каары төгүлбөшү үчүн, аларга акыл-насаат айткыла. Ушундай кылгыла, ошондо күнөөгө батпайсыңар.

11 Мына, Теңирдин ар кандай иштеринде силерди сурай турган башкы ыйык кызмат кылуучу Амария, ал эми падышанын ар кандай иштеринде калыстык кыла турган Жүйүт тукумунун төрөсү Ысмайыл уулу Зебадия жана көзөмөлдөөчү лебилер алдыңарда турат. Бекем болгула, иш жүргүзгүлө, ошондо Теңир адилет киши менен болот».

**20-БӨЛҮМ**

**Жошапаттын сыйынуусунун жообу**

1 Ошондон кийин мааптыктар менен амондуктар жана Маон өлкөсүнүн айрым адамдары Жошапат менен согушууга жөнөштү.

2 Жошапатка: «Деңиздин ары жагынан, Сириядан сага каршы аттанган кара кол келе жатат, алар Хасатсон-Тамарга, башкача айтканда, Эйин-Гедиге келип калышты», – деп айтып келишти.

3 Ошондо Жошапат коркуп, Теңирди издеш үчүн жүзүн бурду жана бүткүл Жүйүт аймагына орозо жарыялады.

4 Жүйүттөр Теңирден жардам суроого жыйналышты. Алар Жүйүттүн бардык шаарларынан келип, жалынып-жалбарып, Теңирден жардам сурашты.

5 Жошапат Теңир үйүнүн жаңы короосунун алдында, жүйүттөр менен иерусалимдиктердин арасында туруп, мындай деди:

6 «Теңир, ата-бабаларыбыздын Кудайы! Асмандагы Кудай Сенсиң. Бардык элдердин падышачылыгына бир Өзүң бийлик кыласың, күч да, кубат да Өзүңдүн колуңда, Сага каршы чыккан эч ким туруштук бере албайт!

7 Кудайыбыз, Өз элиң Ысрайылдын алдынан ушул жердин элин кууп чыккан, ал жерди Өзүңдүн досуң Ыбрайымдын тукумуна түбөлүккө берген Сен эмес белең!

8 Алар бул жерге отурукташып, Сенин ысымыңа арнап ыйык жай куруп, мындай дешкен:

9 "Биздин башыбызга мүшкүл түшкөндө: жазалоочу кылыч, же жугуштуу оору, же ачарчылык түшкөндө, биз ушул үйгө, Сенин алдыңа келебиз, анткени бул үйдө Өзүңдүн ысымың турат. Кыйын-кысталышта биз Сени чакырсак, Сен биздин үнүбүздү угуп, куткарып каласың".

10 Азыр бул жерге амондуктар, мааптыктар жана Сеир тоосунда жашагандар келишти. Ысрайылдыктар Мисирден чыгып келе жатканда, Сен булардын жеринен өтпөгүлө дегенсиң, ошондуктан алар айланып өтүп, буларды тукум курут кылган эмес.

11 Эми алар ошол жакшылыгыбызга жамандык менен жооп берип жатышат. Өзүң бизге мурастап берген, Өзүң ээлик кылган жерден бизди кууп чыкканы келишти.

12 Кудайыбыз! Буларды Өзүң жазала. Анткени бизди каптап келе жаткан бул кара колго каршы турууга биздин күчүбүз жетпейт, эмне кыларыбызды билбейбиз, бирок биздин көзүбүз Сенде!»

13 Бүт Жүйүт эли бала-бакырасы, аялдары, эр жигиттери менен Теңирдин алдында турушту.

14 Ошондо жамааттын ортосунда турган леби Жахазиелге Теңирдин Руху түштү. Жахазиел – Захариянын уулу, Захария – Бенаянын уулу, Беная – Жейелдин уулу, Жейел – Асаптын уулдарынан чыккан Матаниянын уулу.

15 Ошондо ал мындай деди: «Жүйүттөр, Иерусалим тургундары жана падыша Жошапат, баарыңар уккула! Теңир силерге мындай дейт: "Коркпогула, каптап келе жаткан кара колдон үрөйүңөр учпасын, анткени бул согуш силердики эмес, Кудайдыкы.

16 Эртең аларга каршы чыгасыңар. Азыр алар Сис дөңсөөсүнө чыгып келе жатышат, силер аларды өрөөндүн аягынан, Жеруел чөлүнүн алдынан табасыңар.

17 Бул жолу силер согушпайсыңар. Силер карап тургула, Теңирдин силерге жиберген куткаруусун көрөсүңөр. Жүйүт менен Иерусалим! Коркпогула да үрөйүңөрдү учурбагыла! Эртең аларга каршы чыгасыңар, Теңир силер менен болот"».

18 Жошапат жерге жете таазим этти. Жүйүт эли менен Иерусалим тургундары да Теңирге таазим кылып, Анын алдына жыгылышты.

19 Каат уулдары менен Корак уулдарынан чыккан лебилер туруп, катуу үн менен Ысрайылдын Кудай-Теңирин мактап ырдашты.

20 Алар эртең менен эрте туруп, Текоя чөлүнө бет алышты. Алар жолго чыкканда, Жошапат өйдө туруп, мындай деди: «Жүйүттөр менен Иерусалим тургундары, мени уккула! Өзүңөрдүн Кудай-Теңириңерге ишенгиле, бекем тургула. Анын пайгамбарларына ишенгиле, ошондо ийгиликке жетесиңер».

21 Ал эл менен кеңешип, Теңирге ырдай турган ырчыларды койду. Аларды куралдуу аскерлердин алдында ыйыктыкты сактап: «Теңирди даңктагыла, анткени Анын ырайымы түбөлүктүү!» – деп Теңирди даңазаласын деп койду.

22 Алар Теңирди даңктап, даңазалап бара жатканда, Теңир Жүйүт аймагындагыларга каршы келе жаткан амондуктар менен мааптыктардын жана Сеир тоосунда жашагандардын ыркын кетирип, ортосуна бүлүк түшүрдү. Алар кырылып калышты.

23 Анткени амондуктар менен мааптыктар Сеир тоосунда жашагандарга каршы чыгышып, аларды өлтүрүштү. Аларды кырып бүткөндөн кийин, бири-бирин кырып салышты.

24 Жүйүттөр чөлдөгү дөбөгө келгенде, калың колду карашса, өлүктөр экен, бир да тирүү жан калбаптыр.

25 Жошапат эли менен олжону алганы келди. Алар абдан көп мал-мүлк, кийим-кече, кымбат баалуу асыл буюмдарды алышты. Олжонун көптүгүнөн көтөрө албай жатышты. Олжо ушунчалык көп болгондуктан, алар аны үч күн ташышты.

26 Ал эми төртүнчү күнү Бата өрөөнүнө чогулуп, Теңирди даңкташты. Ошондуктан ал жерди бүгүнкү күнгө чейин Бата өрөөнү дешет.

27 Жошапат башында турган Жүйүт аймагындагылар менен иерусалимдиктер Иерусалимге кубаныч менен кайтышты, анткени Теңир аларга душманынын үстүнөн жеңиш берди.

28 Алар Иерусалимдеги Теңирдин үйүнө арфа, лира, сурнай менен келишти.

29 Жер жүзүндөгү бардык падышачылыктар Ысрайылдын душмандары менен Теңир Өзү салгылашканын угушканда, Кудайдан коркуп калышты.

30 Ошентип, Жошапаттын падышачылыгы тынчтанып калды. Анын Кудайы ага туш тарабынан тынчтык берди.

**Жошапаттын көз жумушу**

31 Жошапат Жүйүт аймагына мына ушундай падышачылык кылды. Ал падыша болуп такка отурганда, отуз беш жашта эле. Ал Иерусалимде жыйырма беш жыл падышачылык кылды. Анын энесинин аты – Азуба, ал – Шилхинин кызы.

32 Ал өз атасы Асанын жолу менен жүрүп, анын жолунан оңго да, солго да кыйшайган жок, Теңирге жаккан иштерди кылды.

33 Бирок бийик жерлердеги бутканалар гана жок кылынган жок, эл да ата-бабаларынын Кудайына жүрөктөрүн толугу менен бура элек эле.

34 Жошапаттын алгачкы жана акыркы иштери Ханани уулу Жейунун жазууларында жазылган, алар Ысрайыл падышаларынын китебине киргизилген.

35 Бирок ошондон кийин Жүйүт падышасы Жошапат мыйзамсыз иштерди кылган Ысрайыл падышасы Ахазай менен келишим түздү.

36 Аны менен келишим түзгөнүнүн себеби Таршышка жөнөтүш үчүн, кемелерди жасатуу керек эле. Кемелерди алар Этсион-Геберде жасашты.

37 Марейшадан чыккан Додабайдын уулу Элиезер Жошапатка пайгамбарчылык кылып: «Ахазай менен келишим түзгөндүгүң үчүн, Теңир кылган ишиңди талкалайт», – деди. Ошондо кемелери талкаланып, Таршышка бара албай калышты.

**21-БӨЛҮМ**

1 Жошапат көз жумуп, ата-бабалары жаткан Дөөттүн шаарына коюлду. Анын ордуна уулу Жорам падыша болду.

**Жорамдын Жүйүткө падыша болушу**

2 Анын бир туугандары, Жошапаттын уулдары: Азария, Жехиел, Захария, Азария, Михаел, Шепатия. Булардын баары Жүйүт падышасы Жошапаттын уулдары эле.

3 Атасы аларга алтын, күмүш, кымбат баалуу буюмдарды, Жүйүт аймагындагы чыңдалган шаарларды берди. Падышачылыгын болсо, тун баласы болгондуктан, Жорамга берди.

4 Жорам такка отургандан кийин, бийлигин бекемдеди да, өзүнүн бардык бир туугандарын жана Ысрайылдын кээ бир төрөлөрүн кылычтап өлтүрдү.

5 Жорам такка отурганда, отуз эки жашта болчу, ал Иерусалимде сегиз жыл падышачылык кылды.

6 Ал Ысрайыл падышаларынын жолу менен жүрүп, Ахаптын тукуму кандай иш кылса, ошондой иш кылды, анткени Ахаптын кызы анын аялы эле, ошондуктан Теңирге жакпаган иштерди кылды.

7 Бирок Теңир Дөөт менен түзгөн келишими үчүн, Дөөттүн тукумун кыйраткысы келген жок, анткени ага жана анын уулдарына түбөлүккө чырак берем деп убада кылган.

8 Анын убагында Эдом Жүйүттүн бийлиги астынан чыгып, өзүнө падыша коюп алды.

9 Жорам аскер башчылары менен, майдан арабалары менен жөнөдү. Анан ал түн ичинде туруп, аны курчап калган эдомдуктарды майдан арабаларынын башчылары менен кошо талкалады.

10 Бирок Эдом бүгүнкү күнгө чейин Жүйүттүн бийлигинен чыгып кеткен. Ошол учурда анын бийлигинен Либна да чыкты, анткени ал өз ата-бабаларынын Кудай-Теңирин таштап салган.

11 Ал Жүйүт аймагынын тоолоруна бутканаларды куруп, Иерусалимде жашагандарды жолунан адаштырып, жүйүт элин да азгырды.

12 Ошондо ага Илияс пайгамбардан мындай кат келди: «Сенин атаң Дөөттүн Кудай-Теңири мындай дейт: “Атаң Жошапаттын жолу менен жана Жүйүт падышасы Асанын жолу менен жүрбөгөнүң үчүн,

13 тескерисинче, Ысрайыл падышаларынын жолу менен кетип, Жүйүт аймагындагыларды жана Иерусалимде жашагандарды Ахаптын тукуму жолдон адаштыргандай адаштыргандыгың үчүн, кала берсе, атаңдын тукумун, сенден жакшы бир туугандарыңды өлтүргөнүң үчүн,

14 Теңир сенин элиңди, балдарыңды, аялдарыңды жана бүт мал-мүлкүңдү кырып жок кылат.

15 Өзүңө болсо катуу ички оору жиберет, күн өткөн сайын ошол оорудан ички мүчөлөрүң түшө баштайт"».

16 Теңир Жорамга каршы пелиштиликтердин жана Эфиопияга жанаша жаткан аравиялыктардын рухун козгоду.

17 Алар Жүйүт аймагына каршы чыгып, аны басып кирип, падышанын үйүндөгү бүт мүлктөрүн, аялдарын, балдарын чаап кетишти. Анын кенже уулу Ахазай гана калды.

18 Ушундан кийин Теңир анын ички мүчөлөрүн айыкпас дартка кабылтты.

19 Ал дарт күндөн күнгө күчөп, экинчи жылдын аягында ал дарттан анын бүтүндөй ички мүчөлөрү түшүп калды. Ал абдан кыйналып жатып өлдү. Эл анын аталарына кылгандай, жыпар жыттуу зат күйгүзгөн жок.

20 Ал падыша болгондо отуз эки жашта эле, ал Иерусалимде сегиз жыл падышачылык кылды. Бирок эл аны жоктоп, кошок кошкон жок. Ал да Дөөттүн шаарына коюлду, бирок ал падышалар жаткан жайга коюлган жок.

**22-БӨЛҮМ**

**Ахазайдын Жүйүткө падыша болушу**

1 Иерусалим тургундары атасынын ордуна анын кенже баласы Ахазайды падыша көтөрүштү, анткени анын агаларынын баарын аравиялыктар менен келген каракчылар өлтүрүп салышкан. Ошентип, Жүйүт падышасы Жорамдын уулу Ахазай падыша болду.

2 Ахазай падыша болгондо жыйырма эки жашта эле, ал Иерусалимде бир жыл падыша болду. Анын энесинин аты – Аталея, ал Омринин кызы болчу.

3 Ал да Ахап тукумунун жолуна түштү, анткени энеси ага мыйзамсыз иштерди кылууга кеңеш берчү.

4 Ал Ахаптын тукумуна окшоп, Теңирге жакпаган иштерди кылды, анткени атасы өлгөндөн кийин, энеси ага кеңешчи болуп калган, энесинин кеңештери аны өлүмгө алып келди.

5 Ошондой эле алардын кеңеши боюнча ал Ысрайыл падышасы, Ахаптын уулу Жейорам менен Сирия падышасы Хазаелге каршы Гилаттын Рамотуна согушка барды. Жейорамды сириялыктар жарадар кылышты.

6 Ал Сирия падышасы Хазаел менен согушуп жатканда, Рамада жарадар болуп, Изрейелге дарыланууга кайтып келди. Жүйүт падышасы Жорамдын уулу Ахазай Ахаптын уулу Жейорамды көргөнү Изрейелге келди, анткени ал ооруп жаткан.

7 Бул Ахазайдын Жейорамга келип өлүшү үчүн Кудайдан болду. Анткени ал келери менен Жейорамга кошулуп, Нимши уулу Жейуга каршы чыкты, Жейуну болсо Теңир Ахаптын тукумун жок кылыш үчүн дайындаган.

8 Жейу Ахаптын тукумун жазалап жатканда, Ахазайга кызмат кылган Жүйүттүн төрөлөрүн жана Ахазайдын бир туугандарынын балдарын көрүп, аларды да кырып салды.

9 Ал Ахазайды тапкыла деп буйруду. Аны Самарияга жашынган жеринен таап алышып, Жейунун алдына алып келип өлтүрүп, көргө коюшту. Анткени: «Ал Теңирге бүт жүрөгү менен берилген Жошапаттын баласы», – дешти. Ошентип, Ахазайдын тукумунан падыша боло турган эч ким калган жок.

**Аталея ханыша**

10 Ахазайдын энеси Аталея, уулунун өлгөнүн көрүп, Жүйүт уруусундагы падышанын тукумун бүт бойдон кырып салды.

11 Бирок Жорам падышанын кызы Жешеба Ахазайдын уулу Жаашты өлтүрүлө турган падышанын уулдарынын арасынан уурдап чыгып, аны баккан аял менен кошо өзү жата турган бөлмөгө жашырып койду. Ошентип, Жорам падышанын кызы, ыйык кызмат кылуучу Жойаттын аялы, Ахазайдын карындашы Жешеба Жаашты Аталеядан жашырып койду. Ошондуктан Аталея аны өлтүрө албай калды.

12 Ал Кудайдын үйүндө, алардыкында алты жыл жашынып жатты. Аталея болсо ал жерде падышачылык кылып турду.

**23-БӨЛҮМ**

**Аталеяга каршы көтөрүлүш**

1 Бирок жетинчи жылы Жойат күч алып, жүз башчылар: Жерохам уулу Азария, Жоханан уулу Ысмайыл, Обейт уулу Азария, Адая уулу Маасея, Зихри уулу Элишапат менен келишим түздү.

2 Алар бүткүл Жүйүт аймагын кыдырып, бардык Жүйүт аймагынын шаарларынан лебилер менен Ысрайыл тукумунун уруу башчыларын чогултуп, Иерусалимге келишти.

3 Чогулган жыйын Кудай үйүндө падыша менен келишим түздү. Жойат аларга мындай деди: «Теңир Дөөттүн тукуму жөнүндө айткандай, падышанын уулу падыша болушу керек.

4 Силер эми мындай кылгыла: ишембиде келе турган силердин ыйык кызмат кылуучуларыңар менен лебилериңердин үчтөн бир бөлүгү дарбазачы болуп босогодо турушат,

5 дагы үчтөн бир бөлүгүңөр падыша үйүндө, калган үчтөн бир бөлүгүңөр Жесот дарбазасында турасыңар. Ал эми бүт эл Теңир үйүнүн короосунда болот.

6 Теңирдин үйүнө ыйык кызмат кылуучулар менен кызмат кылган лебилерден тышкары эч ким кирбесин. Алар гана кирүүгө акылуу, анткени алар ыйыкталышкан. Калган эл Теңирдин үйүн кайтарып турсун.

7 Лебилер падышаны туш тараптан курчап турушсун, ар биринин колунда курал болсун, ийбадатканага ким кирсе, ал өлтүрүлсүн. Падыша киргенде жана чыкканда, силер дайыма анын жанында болгула».

8 Ыйык кызмат кылуучу Жойат кандай буйруса, лебилер менен бүт жүйүттөр так ошондой кылышты. Ар бири ишембиде келип, ишембиде кете турган өз адамдарын алып калышты, анткени ыйык кызмат кылуучу Жойат алмаша турган кезектин эч кимисин коё берген жок.

9 Анан ыйык кызмат кылуучу Жойат Кудайдын үйүндөгү Дөөттүн курал-жарагын: найзалар менен чоң-кичине калкандарды жүз башыларга таратып берди.

10 Колдоруна курал кармаган бүткүл элди ийбадаткананын оң жагынан сол жагына чейин тизип, курмандык чалынуучу жайдын жанына, үйдүн жанына, падышанын тегерегине койду.

11 Анан падышанын уулун алып чыгып, башына таажы кийгизип, мыйзамдын көчүрмөсүн берип, падыша көтөрүштү. Жойат жана анын уулдары аны майлап: «Жашасын падыша!» – деп кыйкырышты.

12 Падышаны жар салып чуркап жүргөн элдин үнүн угуп, Аталея Теңирдин үйүндөгү элге чыгып барды.

13 Ошондо ал падышанын кире бериштеги мамынын жанында турганын, падышанын жанында төрөлөр, сурнайчылар турганын, бардык эл шаттанып, сурнай тартып, ырчылар музыкалык аспаптары менен ырдап, аны даңазалап жатканын көрдү. Аталея кийимдерин айрып: «Чыккынчылык! Чыккынчылык!» – деп кыйкырды.

14 Ыйык кызмат кылуучу Жойат жүз башыларды чакырып алып, мындай деди: «Аны сыртка алып чыккыла, аны ээрчигендерди кылычтап салгыла». Ыйык кызмат кылуучу: «Аны Теңирдин үйүндө өлтүрбөгүлө», – деди.

15 Ага жол бошотушту, ал падыша үйүнүн ат сарайынын кире беришине келгенде, аны ошол жерде өлтүрүп салышты.

**Жойаттын өзгөртүүлөрдү киргизүүсү**

16 Бул эл Теңирдин эли болушу үчүн, Жойат өзү менен падышанын жана бүт элдин ортосунда келишим түздү.

17 Бүт эл Баалдын бутканасына барып, аны да, анын курмандык чалынуучу жайын да, таш буркандарын да талкалады. Анан алар Баалдын бутканасынын буткана кызматчысы Матанды курмандык чалынуучу жайлардын жанында өлтүрүштү.

18 Жойат Теңир үйүндөгү кызматтарды Дөөт бөлүштүрүп кеткендей, лебилер менен ыйык кызмат кылуучуларга тапшырды. Алар Мусанын мыйзамында жазылгандай, Дөөт айткан эреже боюнча ыр менен, кубаныч менен Теңирге арнап бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты өрттөш үчүн коюлду.

19 Теңирдин үйүнө кандайдыр бир себептерден улам таза эмес болуп калган адам кирбеши үчүн, Теңир үйүнүн дарбазасына дарбазачыларды койду.

20 Жүз башыларды, төрөлөрдү, эл башчыларын, ошол жердеги бардык элди алып, падышаны Теңирдин үйүнөн узатып чыкты. Алар жогорку дарбаза аркылуу падышанын үйүнө келишип, падышаны падышачылык такка отургузушту.

21 Ошол жердин бардык адамдары кубанычка батып, шаар бейкуттукка бөлөндү. Аталеяны болсо кылыч менен өлтүрүп салышты.

**24-БӨЛҮМ**

**Жааштын Жүйүткө падышачылык кылышы**

1 Жааш такка отурганда, жети жашта болчу, ал Иерусалимде кырк жыл падышачылык кылды. Анын энесинин аты Сибия эле, ал бейер-шебалык аял болчу.

2 Ыйык кызмат кылуучу Жойат тирүү кезинде Жааш Теңирге жаккан иштерди кылды.

3 Жойат ага эки аял алып берди, алардан ал уул-кыздуу болду.

4 Ошондон кийин Жааштын жүрөгүнө Теңирдин үйүн жаңыртуу керек деген ой келди.

5 Ал ыйык кызмат кылуучулар менен лебилерди чогултуп, аларга: «Жүйүт аймагынын шаарларын кыдыргыла, Кудайдын үйүн жыл сайын оңдоп туруу үчүн, бүт ысрайылдыктардан күмүш чогулткула. Бул ишке батыраак киришкиле», – деди. Бирок лебилер шашылган жок.

6 Падыша алардын башчысы Жойатты чакырып, ага мындай деди: «Теңирдин кулу Муса менен Ысрайыл жамааты жыйын чатыры үчүн белгилеген алымды Жүйүт аймагынан, Иерусалимден чогултуп келүүсүн лебилерден эмне үчүн талап кылбай жатасың?»

7 Анткени кудайсыз аял Аталея менен анын уулдары Кудайдын үйүн талап-тоноп бүтүшкөн. Теңирдин үйүнө арналгандардын баарын Баалга жумшашкан.

8 Падыша буйрук берди, ошондо алар бир үкөк жасашып, аны Теңир үйүнүн сыртына, кире беришке коюшту.

9 Алар Жүйүт аймагына жана Иерусалимге Теңирге арнап алым алып келүүнү буйрушту. Бул алымды Кудайдын кулу Муса чөлдө ысрайылдыктарга салган.

10 Бардык башкаруучулар, бардык эл тартууларды кубаныч менен алып келип, үкөк толгуча салып жатышты.

11 Лебилер үкөктү падыша кызматчыларына көтөрүп келгенде, алар күмүштүн көп экенин көрүштү. Ошондо падышанын катчысы менен башкы ыйык кызмат кылуучунун ишенимдүү кишиси келип, үкөктөгүнү төгүп, үкөктү өз ордуна койду. Алар күн сайын ушундай кылып, эң көп күмүш чогултушту.

12 Аны падыша менен Жойат Теңир үйүндөгү жумушту башкаруучуларга берди. Алар Теңир үйүн оңдош үчүн, таш сомдоочуларды, жыгач усталарды жалдашты, ошондой эле Теңир үйүн бекемдеш үчүн, темир усталарды, жез усталарды жалдашты.

13 Жумушчулардын башчылары ишти баштап, оңдоо ишин жүргүзүштү. Ошентип, алар Кудай үйүн мурунку калыбына келтиришти, аны бекемдешти.

14 Жумуштардын бардыгын бүтүрүшкөндөн кийин, алар падыша менен Жойатка калган күмүштөрдү өткөрүп беришти. Андан Кудай үйүндөгү кызматка жана бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты алып келүүгө керектелүүчү идиштерди, табактарды, ошондой эле алтын-күмүш идиштерди жасашты. Жойаттын өмүрү өткүчө, Кудай үйүнө дайыма бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктарды алып келип турушту.

**Жааштын Теңир жолунан четтеп кетиши**

15 Жойат карылыгы жетип, өмүргө тоюп өлдү. Ал өлгөндө жүз отуз жашта болчу.

16 Аны Дөөттүн шаарындагы падышалар жаткан жайга коюшту, анткени ал Кудай үчүн да, Кудай үйү үчүн да Ысрайылда жакшы иштерди кылган.

17 Бирок Жойаттын көзү өткөндөн кийин, Жүйүт төрөлөрү келип, падышага таазим кылышты. Ошондо падыша аларды уга баштады.

18 Ошентип, алар ата-бабаларынын Кудай-Теңиринин үйүн таштап, Ашейра мамыларына, буркандарга табына башташты. Ушул күнөөсү үчүн Теңир Жүйүт менен Иерусалимге каарданды.

19 Алар Теңирге кайрылыш үчүн, Теңир аларга пайгамбарларын жөнөттү. Пайгамбарлар аларга эскертишти, бирок алар укпай коюшту.

20 Ыйык кызмат кылуучу Жойаттын уулу Захарияга Кудайдын Руху түштү, ал бийик жерге чыгып, эл алдында туруп, аларга: «Теңир мындай дейт: “Силер эмне үчүн Теңирдин буйругун аткарбай жатасыңар? Силер ийгиликке жетпейсиңер, силер Теңирди таштап салдыңар, Ал да силерди таштап салат”», – деди.

21 Ошондо ага каршы уюшуп, падышанын буйругу боюнча аны Теңир үйүнүн короосунда таш бараңга алышты.

22 Жааш падыша өзүнө Захариянын атасы Жойаттын кандай жакшылык кылганын унутуп, анын уулун өлтүрдү. Ал өлүп бара жатып, мындай деди: «Теңир көрүп турат, Ал Өзү жазаласын».

23 Бир жылдан кийин ага Сирия аскерлери кол салды. Жүйүт аймагы менен Иерусалимге кирип барып, элдин арасындагы бардык төрөлөрдү кырып салышты. Алардан алынган олжолордун бардыгын Дамаск падышасына жөнөтүштү.

24 Сириянын аскерлери анчалык көп болбосо да, Теңир алардын колуна сансыз көп аскерлерди салып берди, анткени бул эл өз ата-бабаларынын Кудай-Теңирин таштап койгон. Жааш ушундайча жазасын алды.

**Жаашка каршы уюшуу**

25 Алар аны оор жарадар кылып кетишкенден кийин, ыйык кызмат кылуучу Жойаттын уулунун каны үчүн, кулдары ага каршы уюшуп, аны жаткан төшөгүндө өлтүрүштү, ал ошол жерде өлдү. Аны Дөөттүн шаарына коюшту, бирок падышалар жаткан жайга коюшкан жок.

26 Ага каршы кастык уюштургандар: амондук аял Шиматтын уулу Забат жана мааптык аял Шимриттин уулу Жейозабат болду.

27 Анын уулдары жөнүндө, ага каршы пайгамбарчылыктар жөнүндө, Кудай үйүн калыбына келтирүү жөнүндө падышалардын китебинде жазылган. Анын ордуна уулу Аматсия падыша болду.

**25-БӨЛҮМ**

**Аматсиянын Жүйүткө падышачылык кылышы**

1 Аматсия жыйырма беш жашында такка отуруп, жыйырма тогуз жыл Иерусалимде падышачылык кылды. Анын энесинин аты – Жейодан, ал иерусалимдик эле.

2 Ал Теңирге жаккан иштерди кылды, бирок аларды бүт жүрөгү менен кылган жок.

3 Анын падышачылык бийлиги бекемделген соң, падыша атасын өлтүргөн өз кулдарын өлтүрдү.

4 Бирок алардын балдарын өлтүргөн жок, анткени Теңирдин Мусага берген мыйзам китебинде мындай деп жазылган: «Балдары үчүн аталары өлтүрүлбөсүн, аталары үчүн балдары өлтүрүлбөсүн, ар ким өз кылган кылмышы үчүн өлүм жазасына тартылсын».

**Эдом менен согушуу**

5 Аматсия бардык жүйүт элин чогултту. Жүйүт жана Бенжемин урууларына миң башылар менен жүз башыларды койду. Алардын жыйырма жаштагыларын жана андан жогоркуларын эсептеп чыгып, найза, калкан көтөргөн, согушка жарактуу үч жүз миң адамды тандап алды.

6 Ошондой эле жүз талант күмүшкө жүз миң жоокерди ысрайылдыктардан жалдап алды.

7 Бирок Кудайдын кишиси ага келип, мындай деди: «Падыша! Сени менен Ысрайыл аскерлери барбасын, анткени Теңир ысрайылдыктар менен да, Эпрайымдын уулдары менен да эмес.

8 Сен өзүң жалгыз бар, эрдик кылып майданга кир. Болбосо Кудай сени душмандын көз алдында кулатат, анткени колдой турган да, кулата турган да Кудай Өзү».

9 Аматсия Кудайдын кишисине: «Ысрайыл аскерлерине мен берген жүз талант күмүштү эмне кылыш керек?» – деди. Кудайдын кишиси: «Кудай сага андан көптү бере алат», – деди.

10 Ошондо Аматсия Эпрайым жеринен келген аскерлерди өз жерине кетириш үчүн бөлүп салды. Алар жүйүттөргө абдан ачууланып, өз жерлерине ачууланган бойдон кетишти.

11 Аматсия болсо кайраттанып, өз элин баштап, Туздуу өрөөнүнө жетип, Сеирдин он миң уулун кырып салды.

12 Жүйүт уулдары алардын он миң адамын колго түшүрүп, аларды асканын чокусуна алып чыгып, кулатып жиберишти, алардын сөөгү талкаланды.

13 Аматсия согушка катыштырбай, кайра жөнөткөн аскерлер болсо Самариядан Бейт-Хоронго чейинки Жүйүт аймагынын шаарларына чачырап кетишти. Алар ошол шаарларга кол салып, үч миң адамды өлтүрүп, өтө көп олжого ээ болушту.

14 Аматсия эдомдуктарды талкалап келгенден кийин, Сеир уулдарынын кудайларын алып келип, өзүнө кудай кылып койду да, аларга табынып, жыпар жыттуу зат түтөттү.

15 Ошондо Теңир Аматсияга катуу каарданып, ага пайгамбарын жиберди. Пайгамбар ага: «Сен эмне үчүн сенин колуңдан өз элин куткара албаган бул элдин кудайларына табынып жатасың?» – деди.

16 Ал ушинтип айтканда, падыша ага: «Сени падышага кеңешчи кылып коюшту беле? Токтот! Болбосо сени өлтүрүп коюшат», – деди. Пайгамбар унчукпай туруп, кайра: «Кудай сени жок кылууну чечкенин билдим, анткени сен ушул ишти кылып, менин кеңешимди укпай койдуң», – деди.

**Ысрайыл менен согушуу**

17 Жүйүт падышасы Аматсия өзүнүн кеңешчилери менен кеңешип көрүп, Ысрайыл падышасы, Жейунун уулу, Жаахаздын уулу Жаашка киши жиберип: «Кел, жекеме-жеке беттешели», – деп айттырды.

18 Ошондо Ысрайыл падышасы Жааш Жүйүт падышасы Аматсияга мындай деп айттырды: «Лебанондо өскөн тикенек Лебанондо өскөн кедрге киши жиберип: “Кызыңды менин балама бер”, – деп айттырыптыр. Бирок Лебанондогу жапайы жырткычтар өтүп, ал тикенекти тебелеп салышты.

19 Сен: “Мен эдомдуктарды талкаладым”, – деп, текеберденип, өзүңдү өзүң көтөрүп жатасың. Андан көрө үйүңдө эле отура берсеңчи! Коркунучтуу ишти баштап эмне кыласың? Өзүң менен кошо Жүйүт аймагын да өлтүрөсүң».

20 Бирок Аматсия анын сөзүн уккан жок, анткени алар эдомдуктардын кудайларына табына баштагандыктан, аларды Жааштын колуна салып бериш үчүн, бул иш Кудайдан болду.

21 Ысрайыл падышасы Жааш аттанып чыгып, Жүйүт падышасы Аматсия менен Жүйүт аймагындагы Бейт-Шемеште жекеме-жеке беттешти.

22 Ошондо ысрайылдыктар Жүйүт аймагындагыларды талкалап салышты. Ар ким өз үйүнө качты.

23 Ысрайыл падышасы Жааш Жаахаздын уулу, Жааштын уулу, Жүйүт падышасы Аматсияны Бейт-Шемеште туткунга алып, аны Иерусалимге алып келди. Анан Иерусалим дубалын Эпрайым дарбазасынан бурчтагы дарбазага чейин, төрт жүз чыканак уратты.

24 Анан Кудай үйүнөн Обейт-Эдомдун көзөмөлүндөгү алтын-күмүштөрдү, кымбат идиштерди, падыша үйүнүн казынасын, башы барымтага алынган кишилерди алып, Самарияга кайтып келди.

25 Жүйүт падышасы, Жааштын уулу Аматсия Ысрайыл падышасы, Жаахаздын уулу Жааш өлгөндөн кийин, дагы он беш жыл жашады.

26 Аматсиянын калган иштери, алгачкысы да, акыркысы да Жүйүт жана Ысрайыл падышаларынын китептеринде жазылган.

27 Аматсия Теңирден баш тарткандан кийин, Иерусалимде ага каршы чыккынчылык уюштурушту. Ошондо ал Лакишке качып кетти. Анын артынан киши жиберип, аны ошол жерде өлтүрүштү.

28 Анын сөөгүн аттар менен алып келип, Жүйүттүн шаарына, ата-бабаларынын жанына коюшту.

**26-БӨЛҮМ**

**Узиянын Жүйүткө падышачылык кылышы**

1 Бүткүл жүйүт эли чогулуп, он алтыга чыккан Узияны атасы Аматсиянын ордуна падыша кылып коюшту.

2 Падыша көз жумуп, ата-бабаларына кошулду. Ошондон кийин Узия Эйлатты куруп, аны Жүйүткө кайрып алды.

3 Узия он алты жашында такка отуруп, Иерусалимде элүү эки жыл падышачылык кылды. Анын энесинин аты – Жехолия, ал иерусалимдик эле.

4 Ал атасы Аматсияга окшоп, Теңирге жаккан иштерди кылды.

5 Ал Кудайдан коркууну үйрөткөн Захариянын тушунда Кудайга кайрылып турду. Ал Кудайга кайрылып турган убакта, Кудай аны ийгиликке жеткирип турду.

6 Ал пелиштиликтер менен салгылашып, Гаттын, Жапненин, Азоттун дубалдарын талкалады. Азот аймагына жана пелиштиликтердин аймагына жаңы шаарларды курду.

7 Пелиштиликтер менен, Гур-Баалда жашаган аравиялыктар менен жана мейуниттиктер менен болгон согушта Кудай ага жардам берди.

8 Узияга амондуктар салык төлөп турушту. Анын ысымы Мисир жерине чейин жетти, анткени ал абдан күч-кубаттуу падыша болгон.

9 Узия Иерусалимдин бурч-бурчундагы дарбазаларынын үстүнө, өрөөндү караган дарбазаларынын үстүнө жана бурчуна мунараларды куруп, аларды бекемдеди.

10 Чөлгө да мунараларды салып, кудуктарды казды, анткени анын ойдо да, түздө да көп малы болгон. Тоолордо, Кармелде дыйкандары менен багбандары бар эле, анткени ал дыйканчылыкты жакшы көрчү.

11 Узиянын кошуундарга бөлүнгөн согушка чыкчу мыкты аскерлери да болгон, аларды падышанын төрөлөрүнөн болгон Хананиянын жетекчилиги астында Жейел катчы менен Маасея көзөмөлчү санап чыгып, тизмеге каттаган.

12 Тайманбас жоокерлерди башкарган уруу башчылардын саны эки миң алты жүз болгон.

13 Алардын кол астында душманга каршы салгылашта падышага жөлөк боло турган, согушка жалтанбай кире турган үч жүз жети миң беш жүз аскери болгон.

14 Узия бүт аскерлери үчүн калкандарды, найзаларды, туулгаларды, соотторду, жааларды, салмоор таштарды арбын даярдады.

15 Ал Иерусалимдин мунараларына, бурчтарына акылдуу кишилер ойлоп тапкан жебе тарткан, таш ыргыткан куралдарды орнотту. Ошентип, анын атагы алыска кетти, анткени ал укмуштуудай коргонуп, күч-кубаттуу падыша болуп калды.

**Узиянын мыйзамды бузгандыгы үчүн жазаланышы**

16 Бирок күч-кубаттуу болуп калганда, анын жүрөгү менменсинип кетти, ошол анын өлүмүнө себеп болду. Ал өз Кудай-Теңиринин алдында кылмышкер болуп калды. Анткени ал жыпар жыттуу зат түтөтүлүүчү жайда жыпар жыттуу зат түтөтүү үчүн, Теңирдин ийбадатканасына кирди.

17 Ошондо башкы ыйык кызмат кылуучу Азария менен Теңирдин сексен адил ыйык кызмат кылуучусу анын артынан кирди.

18 Алар падыша Узияга каршы болуп, мындай дешти: «Теңирге жыпар жыттуу зат түтөтө турган сен эмессиң, Узия, бул иш – жыпар жыттуу зат түтөтүүгө арналган ыйык кызмат кылуучулардын, Арундун уулдарынын иши. Ыйык жайдан чыгып кет, сен мыйзамда жок ишти кылдың, бул иш үчүн Кудай-Теңирден сага урмат көрсөтүлбөйт».

19 Ошондо колуна жыпар жыттуу зат түтөтө турган чөйчөктү кармап турган Узиянын ачуусу келди. Ал ыйык кызмат кылуучуларга ачууланган кезде, Теңирдин үйүндөгү жыпар жыттуу зат түтөтүлө турган жайда, ыйык кызмат кылуучулардын көз алдында анын чекесине так түштү, аны пес оорусу каптады.

20 Башкы ыйык кызмат кылуучу Азария менен бардык ыйык кызмат кылуучулар аны карап, анын чекесиндеги пес ооруну көрүштү. Аны ал жерден чыгып кетүүгө мажбурлашты, ал өзү да кетүүгө шашылды, анткени Теңир аны жазалады.

21 Ошентип, Узия падыша өлөр-өлгөнчө пес оорусу менен ооруп, өзүнчө үйдө жашады. Теңир үйүнөн чыгарылды. Падышанын үйүнө анын уулу Жотам көз салып, элди башкарды.

22 Узиянын калган иштерин, алгачкысын да, акыркысын да Амостун уулу Ышайа пайгамбар жазып калтырды.

23 Ошентип, Узия ата-бабаларына кошулду. Эл аны: «Бул пес оорулуу», – деп, ата-бабаларынын жанына, падышалардын мүрзөлөрүнөн обочороок талаага коюшту. Анын ордуна уулу Жотам падыша болду.

**27-БӨЛҮМ**

**Жотамдын Жүйүткө падышачылык кылышы**

1 Жотам падыша болгондо жыйырма беш жашта эле, ал Иерусалимде он алты жыл падышачылык кылды. Анын энесинин аты – Жеруша, ал Садоктун кызы болчу.

2 Ал атасы Узияга окшоп, Теңирге жаккан иштерди кылды. Бирок ал Теңирдин ийбадатканасына кирген жок. Эл күнөөгө бата берди.

3 Ал Теңир үйүнүн жогорку дарбазасын салды жана Опел дубалына көп нерселерди жасатты.

4 Жүйүт тоосуна шаарларды, токойлорго ак сарайларды, мунараларды курду.

5 Ал амондуктардын падышасы менен согушуп, аларды жеңип алды. Ошол жылы амондуктар ага жүз талант күмүш, он миң кор буудай, он миң кор арпа беришти. Амондуктар келерки жылы да, андан кийинки жылы да ушундай өлчөмдө беришти.

6 Жотам күч-кубаттуу падыша болду, анткени ал өз Кудай-Теңиринин жолу менен жүрдү.

7 Жотамдын калган иштери, анын бардык согуштары жана кандай жашаганы Ысрайыл менен Жүйүт падышаларынын китебинде жазылган.

8 Ал такка отурганда, жыйырма беш жашта эле, Иерусалимде он алты жыл падышачылык кылды.

9 Жотам көз жумуп, ата-бабаларына кошулду, аны Дөөттүн шаарына коюшту. Анын ордуна уулу Ахаз падыша болду.

**28-БӨЛҮМ**

**Ахаздын Жүйүткө падышачылык кылышы**

1 Ахаз такка отурганда, жыйырма жашта эле, ал Иерусалимге он алты жыл падышачылык кылды. Атасы Дөөт Теңирге жаккан иштерди жасаган, Ахаз болсо анткен жок.

2 Ал Ысрайыл падышаларынын жолуна түшүп кетти, атүгүл, Баал буркандарын куюп жасады.

3 Ал Ином уулдарынын өрөөнүндө жыпар жыттуу зат түтөттү. Теңир Ысрайыл уулдарынын көз алдында кууп чыккан элдин жийиркеничтүү иштерин туурап, өз балдарын отко өрттөдү.

4 Бийик жердеги бутканаларда, дөбөлөрдө, ар кандай бутактуу дарактардын түбүнө курмандык чалып, жыпар жыттуу зат түтөттү.

**Жүйүттөрдүн Сирия жана Ысрайыл менен согушушу**

5 Ошондо анын Кудай-Теңири аны Сирия падышасынын колуна салып берди. Алар аны талкалап, көп адамын колго түшүрүп, Дамаскка алып кетишти. Ошондой эле аны Ысрайыл падышасынын колуна салып беришти, ал аны катуу талкалады.

6 Ремалия уулу Пеках жүйүттөрдүн жүз жыйырма миң эр жүрөк жоокерин бир күндө өлтүрдү, анткени алар ата-бабаларынын Кудай-Теңирин таштап коюшкан.

7 Эпрайымдыктардын алп балбаны Зихри падышанын уулу Маасеяны, сарай башчысы Азрикамды жана падышадан кийинки экинчи киши Элкананы өлтүрдү.

8 Ысрайыл уулдары өз бир туугандары жүйүттөрдүн эки жүз миң аялын, уулдарын, кыздарын туткундап алышты. Ошондой эле алардын мал-мүлкүн талап-тоноп алып, Самарияга жөнөтүштү.

**Одейт пайгамбар**

9 Ал жерде Теңирдин пайгамбары бар эле, анын аты – Одейт. Ал Самарияга келе жаткан аскерлердин алдынан чыгып, аларга мындай деди: «Мына, ата-бабаларыңардын Кудай-Теңири жүйүттөргө каарданып, аларды силердин колуңарга салып берди, силер аларды асманга жеткен ушунчалык катуу каар менен талкаладыңар.

10 Эми силер Жүйүт менен Иерусалимдин уулдары менен кыздарын өзүңөргө кул, күң кылгыңар келип жатат. Кудай-Теңирдин алдында өзүңөр күнөөлүү эмессиңерби?

11 Менин тилимди алып, туткундап алган бир туугандарыңарды артка жөнөткүлө, анткени Теңир силерге каарданып жатат».

12 Эпрайым уулдарынын кээ бир эл башчылары: Жоханан уулу Азария, Мешилеймоттун уулу Берекия, Шалумдун уулу Жехиския, Хадлайдын уулу Амаса согуштан келе жаткан аскерлердин алдына тура калышты.

13 Анан аларга мындай дешти: «Туткундарды бул жерге алып келбегиле, анткени Теңирдин алдында күнөөгө батабыз. Өзүбүздүн кылмыштарыбыз менен күнөөлөрүбүздүн үстүнө дагы күнөө кошолу дейсиңерби? Биздин күнөөлөрүбүз өтө көп, Теңир Ысрайылга каарданып жатат».

14 Ошондо жоокерлер туткундар менен олжолорду аскер башчылар менен бүт элдин алдында калтырышты.

15 Аттары аталган эркектер туруп келип, туткундарды бошотуп, ач-жылаңачтарды олжодон кийиндирип, буттарына бут кийим берип, тамактандырып, зайтун майын сүйкөп, алсыздарын эшектерге мингизип, өз бир туугандарын карай, курма пальмасы өскөн Жерихо шаарына жөнөтүштү, өздөрү Самария өлкөсүнө кайтып келишти.

**Ахаз падышанын Ашур падышаларына жардам сурап кайрылышы**

16 Ошол кезде Ахаз падыша жардам сурап, Ашур падышаларына киши жөнөттү.

17 Анткени эдомдуктар дагы келип, алардын көбүн талкалап, туткундап кетишти.

18 Пелиштиликтер түзөңдөгү шаарларга, Жүйүт аймагынын түштүк тарабына кирип барышып, Бейт-Шемешти, Айалонду, Гедейротту, Сохону жана анын карамагындагы шаарларды, Тимнаны жана анын карамагындагы шаарларды, Гимзону жана анын карамагындагы шаарларды багынтып, ошол жерлерге отурукташып алышты.

19 Теңир Жүйүт аймагын Жүйүт падышасы Ахаз үчүн мына ушинтип жазалады, анткени ал Жүйүт аймагын бузуп жиберген, Теңирдин алдында оор күнөөгө баткан.

20 Ага Ашур падышасы Тиглат-Пилнесер да келди. Ал ага жардам бермек түгүл, ага көп түйшүк алып келди.

21 Анткени Ахаз Теңир үйүнүн, падышанын үйүнүн жана төрөлөрдүн казыналарын алып, Ашур падышасына берген. Бирок бул да ага жардам берген жок.

**Ахаздын күнөөлөрү**

22 Ахаз падыша кыйналып жаткан убагында да Теңирдин алдында мыйзамсыздык кыла берди.

23 «Сирия падышаларынын кудайлары аларга жардам берип турат. Аларга арнап курмандык чалсам, алар мага жардам беришет», – деп, ал Дамаск кудайларына курмандык чалды, анткени мени талкалаган ошолор деп ойлоду. Бирок бул иштер Ахаздын жана бүткүл Ысрайылдын кулап калуусуна себеп болду.

24 Ахаз Кудай үйүндөгү идиштерди жыйнап алып, аларды талкалады. Анан Теңир үйүнүн эшиктерин бекитип салды, Иерусалимдин бардык булуң-бурчтарына курмандык чалынуучу жайларды жасады.

25 Жүйүттүн бардык шаарларында башка кудайларга жыпар жыттуу зат түтөтүү үчүн бутканаларды куруп, өз ата-бабаларынын Кудай-Теңирин каардантты.

26 Анын калган иштери, алгачкысы да, акыркысы да Жүйүт менен Ысрайыл падышаларынын китебинде жазылган.

27 Ахаз көз жумуп, өз ата-бабаларына кошулду, аны Иерусалим шаарына коюшту, бирок Ысрайыл падышаларынын мүрзөсүнө коюшкан жок. Анын ордуна баласы Хиския падыша болду.

## 29-БӨЛҮМ

### Хискиянын Жүйүткө падышачылык кылышы

1 Хиския жыйырма беш жашында такка отуруп, Иерусалимде жыйырма тогуз жыл падышачылык кылды. Энесинин аты – Абия, ал Захариянын кызы эле.

2 Ал атасы Дөөткө окшоп, Теңирге жаккан иштерди кылды.

### Ийбадаткананы тазалоо

3 Ал падышачылыгынын биринчи ай, биринчи жылында Теңир үйүнүн эшиктерин ачып, аларды оңдоду.

4 Ыйык кызмат кылуучулар менен лебилерди чакырып, аларды Кудай үйүнүн чыгыш тарабындагы аянтка чогултуп,

5 аларга мындай деди: «Лебилер, мени уккула! Азыр өзүңөрдү жана ата-бабаңардын Кудай-Теңиринин үйүн ыйыктагыла, бардык таза эмес нерсени ыйык жайдан алып чыккыла.

6 Анткени ата-бабаларыбыз мыйзамсыздык кылып, биздин Кудай-Теңирибизге жакпаган иштерди жасашты. Өз Теңирин таштап, Анын турак жайынан жүздөрүн буруп, далысын салышты.

7 Теңир үйүнүн кире бериш бөлмөсүнүн эшиктерин бекитип, күйүп турган шамдарды өчүрүштү, Ысрайылдын Кудайынын ыйык жайында жыпар жыттуу зат түтөтүшкөн жок, бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктарды чалбай калышты.

8 Ошондо Теңир Жүйүт аймагы менен Иерусалимге каарын төктү. Өз көзүңөр менен көрүп тургандай, алардын кордолушуна, кыйрашына, шылдыңга калуусуна жол берди.

9 Мына ошон үчүн ата-бабаларыбызды кылычтап өлтүрүштү, уул-кыздарыбыз, аялдарыбыз болсо ушул күнгө чейин туткунда жүрүшөт.

10 Азыр менин жүрөгүмдө Ысрайылдын Кудай-Теңири менен келишим түзөм деген ой бар, ошондо Ал Өзүнүн жалындаган каарын кайт кылар.

11 Балдарым! Шалаакылык кылбагыла, анткени Теңир силерди Өзүнүн алдында турушуңар үчүн, Өзүнө кызмат кылып, Өзүнүн кызматчылары болуп, жыпар жыттуу заттарды түтөтүшүңөр үчүн тандап алган».

12 Ошондо бул лебилер туруп келишти: Каат уулдарынан: Амасай уулу Махат, Азария уулу Жоел; Мерари уулдарынан: Обадия уулу Киш, Жейелелей уулу Азария; Гейиршон уруусунан: Зима уулу Жаах, Жаах уулу Эден;

13 Элитсапан уулдарынан: Шимри менен Жейел; Асап уулдарынан: Захария менен Матания;

14 Эйман уулдарынан: Жехиел менен Шимей; Жедутун уулдарынан: Шемая менен Узиел.

15 Булар бир туугандарын чогултушту, алар ыйыкталышты. Анан Теңирдин сөзү боюнча, падышанын буйругу боюнча Кудай үйүн тазалаганы келишти.

16 Ыйык кызмат кылуучулар Теңир үйүн тазалаш үчүн, ичине киришти. Теңирдин ийбадатканасынан табылган таза эмес нерселердин баарын Теңир үйүнүн короосуна алып чыгышты. Лебилер болсо аларды Кидрон суусуна алып барыш үчүн, сыртка алып чыгышты.

**Ийбадаткананы ыйыктоо**

17 Алар биринчи айдын биринчи күнү ыйыктоону баштаашты, ошол эле айдын сегизинчи күнү Теңир үйүнүн кире бериш бөлмөсүнө киришти. Теңир үйүн сегиз күн ыйыкташып, биринчи айдын он алтынчы күнү аякташты.

18 Хиския падышанын үйүнө келип, мындай дешти: «Биз Теңир үйүн, курмандык бүтүндөй өрттөлүүчү жайды, анын идиштерин, нан тартуусу коюла турган үстөлдү, анын идиштерин ыйыктап чыктык.

19 Ахаз падыша мыйзамсыздык менен падышачылык кылып турганда ыргытып салган идиштерди колдонууга даярдап, ыйыктап койдук. Алар азыр Теңирдин курмандык чалынуучу жайынын алдында турат».

20 Хиския падыша эртең менен эрте туруп, бардык шаар башчыларын чогултуп, Теңир үйүнө барды.

21 Падышачылыктын, ыйык жайдын, жүйүт элинин күнөөсү үчүн жети букачар, жети кочкор, жети козу, жети теке жетелеп келишти. Анан ал ыйык кызмат кылуучуларга, Арундун уулдарына Теңирдин курмандык чалынуучу жайында бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктарды өрттөөнү буйрук кылды.

22 Ыйык кызмат кылуучулар букачарларды союшуп, канынан алып, курмандык чалынуучу жайга чачышты, анан кочкорлорду союшуп, канынан алып, курмандык чалынуучу жайга чачышты, ошондой эле козуларды союшуп, канынан алып, курмандык чалынуучу жайга чачышты.

23 Анан күнөө үчүн чалынуучу текелерди падыша менен жамааттын алдына алып келишти, алар колдорун текелердин башына коюшту.

24 Ыйык кызмат кылуучулар аларды союшуп, бүт Ысрайылдын күнөөсүн жууш үчүн, курмандык чалынуучу жайды алардын каны менен тазалашты, анткени бүткүл Ысрайыл эли үчүн падыша бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктарды жана күнөө үчүн чалынуучу курмандыктарды чалууну буйрук кылган.

25 Бул буйрук Теңирдин пайгамбарлары аркылуу берилгендиктен, Дөөттүн, падышанын көрөгөчү Гаттын, Натан пайгамбардын айткан буйругу боюнча, ал лебилерди жез табак, арфа, лира менен Кудай үйүнө койду.

26 Дөөттүн музыкалык аспаптарын лебилер алып, ыйык кызмат кылуучулар сурнайларды алып, өз-өз орундарында турушту.

27 Анан Хиския курмандык чалынуучу жайда бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты өрттөөнү буйрук кылды. Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык өрттөлө баштаганда, Ысрайыл падышасы Дөөттүн күү аспаптары менен сурнайларынын коштоосунда Теңирге арналган ыр ырдала баштады.

28 Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык өрттөлүп бүткөнчө, бүт эл сыйынып, ырчылар ырдап, сурнайчылар сурнай тартып турушту.

29 Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык өрттөлүп бүткөндөн кийин, падыша жана анын жанында тургандардын баары тизелеп, Кудайга таазим этишти.

30 Анан Хиския падыша менен төрөлөр лебилерге: «Дөөттүн жана көрөгөч Асаптын сөздөрү менен Теңирди даңктагыла», – дешти. Ошондо алар кубаныч менен даңкташып, тизе бүгүп, Теңирге таазим этишти.

31 Анан Хиския сөзүн мындай деп улантты: «Эми силер өзүңөрдү Теңирге арнадыңар. Баргыла, курмандыктарыңарды жана ыраазычылык билдирип алып келген курмандыктарыңарды Теңир үйүнө алып келгиле». Ошондо жыйналган элдин бардыгы курмандыктар менен ыраазычылык билдирип алып келген курмандыктарын алып келишти. Ал эми каалагандар бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктарды алып келишти.

32 Жыйналган элдин алып келген бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктарынын саны жетимиш өгүз, жүз кочкор, эки жүз козу болду. Мунун баары Теңирге арнап бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык чалуу үчүн болду.

33 Башка ыйык курмандыктарга алты жүз бодо мал, үч миң майда мал келди.

34 Бирок ыйык кызмат кылуучулар аз болгондуктан, бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка союлган малдардын терисин сыйрууга жетишпей жатышты. Бул иш бүткөнгө чейин жана калган ыйык кызмат кылуучулар ыйыкталып бүткөнгө чейин, аларга бир туугандары, лебилер, жардам беришти. Өздөрүн ыйыктоодо ыйык кызмат кылуучуларга караганда лебилер кылдат болушту.

35 Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктар, тынчтык курмандыктарынын майлары, бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктын үстүнө куюлуучу шараптар көп болду. Теңир үйүндө кызмат кылуу ушинтип калыбына келди.

36 Эл үчүн Кудайдын даярдаган нерселерин көрүп, Хиския менен эл сүйүндү. Анткени бул күтүлбөгөн жерден болду.

**30-БӨЛҮМ**

**Пасах майрамын өткөрүүгө даярдануу**

1 Хиския Ысрайыл менен Жүйүттүн бардык аймагына чабармандарды чаптырып, Ысрайылдын Кудай-Теңирине арнап Пасах майрамын өткөрүш үчүн, Иерусалимге, Теңирдин үйүнө келүүгө Эпрайым менен Менашеге кат жазып жөнөттү.

2 Падыша өз төрөлөрү менен жана Иерусалимдеги эл менен Пасах майрамын экинчи айда өткөрөлү деп кеңешти.

3 Анткени аны өз убагында өткөрө албай калышкан, себеби ыйык кызмат кылуучулар жетишерлик санда ыйыкталып бүтө элек болчу, эл да Иерусалимге жыйнала элек болчу.

4 Муну падыша да, бүт эл да жактырды.

5 Ысрайылдын Кудай-Теңиринин Пасах майрамын өткөрүш үчүн, Бейер-Шебадан Данга чейинки аймакта жашаган ысрайылдыктардын баарына Иерусалимге келүүнү жарыя кылууну чечишти, себеби мыйзамда жазылгандай, ал майрамды көптөн бери өткөрүшө элек болчу.

6 Чабармандар падышадан, анын төрөлөрүнөн каттарды алып, бардык Ысрайыл менен Жүйүттүн жерлерине чапкылап, падышанын буйругун жар салып жүрүштү: «Оо Ысрайыл уулдары! Ата-бабаңар Ыбрайым, Ыскак, Ысрайылдын Кудай-Теңирине кайрылгыла! Ошондо Ашур падышаларынын колдорунан аман калган силерге Ал да жүзүн бурат.

7 Ата-бабаларыңардын Кудай-Теңиринин алдында мыйзамсыз иш кылган өзүңөрдүн ата-бабаларыңар менен бир туугандарыңардай болбогула. Өзүңөр көрүп турганыңардай, Теңир алардын кыйратылуусуна жол берди.

8 Эми ата-бабаларыңарга окшоп тоң моюн болбогула, Теңирге моюн сунгула. Түбөлүккө ыйык кылып койгон Анын ыйык жайына келгиле. Өз Кудай-Теңириңерге кызмат кылгыла. Ошондо Ал силерден жалындаган каарын кайт кылат.

9 Силер Теңирге кайрылсаңар, силердин бир туугандарыңар, балдарыңар туткундап алгандардан ырайым таап, өз жерине кайтышат, анткени Кудай-Теңириңер ырайымдуу, боорукер. Эгерде силер Кудай-Теңириңерге кайрылсаңар, Ал силерден жүзүн бурбайт».

10 Чабармандар Эпрайымдын, Менашенин жерлеринде шаардан шаарга чапкылап, Забулундун жерине чейин жетишти. Бирок аларды шылдыңдап, мазактап жатышты.

11 Ошого карабастан Ашырдын, Менашенин, Забулундун тукумдарынан кээ бирөөлөр моюн сунуп, Иерусалимге келишти.

12 Жүйүт аймагындагылар Теңирдин сөзү боюнча падыша менен төрөлөрдүн буйруктарын аткарышы үчүн, аларга бир жүрөк берген Кудайдын колу алардын үстүндө болду.

**Пасах майрамын майрамдоо**

13 Экинчи айда Ачыткысыз нан майрамын өткөрүш үчүн, Иерусалимге көп эл келди, ал жерге көп сандагы эл чогулду.

14 Иерусалимдеги курмандык чалынуучу жайларды кыйратып, таш буркандарга арнап жыпар жыттуу зат түтөтүлүүчү жайлардын баарын талкалап, Кидрон суусуна ыргытып жиберишти.

15 Экинчи айдын он төртүнчү күнү Пасах майрамына арналган козуну союшту. Ыйык кызмат кылуучулар менен лебилер уялышып, өздөрүн ыйыкташты да, Теңир үйүнө бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктарды алып келишти.

16 Кудайдын кулу Мусанын мыйзамы боюнча, өз тартиби боюнча өз-өз орундарына турушту. Ыйык кызмат кылуучулар лебилердин колунан козунун канын алып, кан чачышты.

17 Жыйналган элдин арасында ыйыкталбаган адамдар көп болгондуктан, таза эместердин ордуна лебилер Теңирге арнап Пасах козусун союшту.

18 Көпчүлүк эл, айрыкча Эпрайымдын, Менашенин, Исахардын, Забулундун тукуму тазаланган эмес экен, ошентсе да, алар Пасах тамагын жешти, бирок мыйзам боюнча эмес.

19 Бирок Хиския алар үчүн: «Кайрымдуу Кудай, ыйыкталбаган болсо да, ата-бабаларынын Кудай-Теңирин издөөгө жүрөгүн бурган ар бир адамды кечире көр!» – деп сыйынды.

20 Теңир Хискиянын сыйынганын угуп, элди кечирди.

21 Иерусалимге келген Ысрайыл уулдары Ачыткысыз нан майрамын жети күн зор кубаныч менен майрамдашты. Лебилер менен ыйык кызмат кылуучулар күн сайын аспаптарда ойноп, Теңирди даңкташты.

22 Анан Хиския Теңирге чын жүрөктөн кызмат кылган лебилерге жакшы сөздөрдү айтты. Майрам тамактарын жети күн жешип, тынчтык курмандыктарын чалышып, ата-бабаларынын Кудай-Теңирин даңазалашты.

23 Бардык жыйын дагы жети күн майрамдоону чечип, ал жети күндү да шаттык менен өткөрүштү.

24 Анткени Жүйүт падышасы Хиския жыйналган элге бир миң букачар, он миң майда мал берди жана төрөлөр да жыйналган элге бир миң букачар, он миң майда мал беришти. Ошентип, ыйыкталган ыйык кызмат кылуучулардын саны көбөйдү.

25 Жүйүт аймагынан келген ыйык кызмат кылуучулар менен лебилер, Ысрайылдан келген эл, Жүйүт жана Ысрайыл жеринде жашаган келгиндердин бардыгы көңүл ачышты.

26 Иерусалимде укмуштай кубанычтуу улуу майрам болду. Анткени Ысрайыл падышасы Дөөт уулу Сулаймандын тушунан бери мындай майрам өткөрүлө элек болчу.

27 Ыйык кызмат кылуучулар менен лебилер туруп, жалпы элге бата беришти. Кудай алардын үнүн укту, алардын сыйынуусу Теңирдин асмандагы ыйык жайына жетти.

## 31-БӨЛҮМ

### Хиския падышанын өзгөртүүлөрдү киргизүүсү

1 Булардын бардыгы аяктаган соң, ошол жердеги бүт ысрайылдыктар Жүйүт аймагынын шаарларына барышып, балбалдарды талкалап, Ашейра мамыларын кыйратышты. Бүт Жүйүт аймагындагы, Эпрайымдын, Менашенин, Бенжеминдин жерлериндеги бутканаларды, курмандык чалынуучу жайлардын бардыгын кыйратышты. Ошондон кийин гана Ысрайыл уулдары өз үйлөрүнө, өз шаарларына кайтышты.

2 Хиския Теңир үйүнүн дарбазасынын жанында Аны мактап, даңктап, кызмат кылып туруш үчүн, тынчтык курмандыгын, бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты чалып туруш үчүн, лебилер менен ыйык кызмат кылуучулардын өз иштерине жараша топторго бөлүп, кезегин белгилеп койду.

3 Падыша бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык үчүн өз малынан, Теңирдин мыйзамында жазылгандай, эртең менен жана кечинде чалына турган бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык үчүн, ишемби сайын, ай жаңырган сайын, майрам сайын чалына турган бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктар үчүн бөлүп койду.

4 Ал Иерусалимде жашаган элге, ыйык кызмат кылуучулар менен лебилер Теңирдин мыйзамдарын так аткарышы үчүн, алардын тиешелүү үлүштөрүн берип туруусун буйруду.

5 Бул буйрук элге жарыяланганда, Ысрайыл уулдары эгиндин, шараптын, майдын, балдын, ар кандай талаа өсүмдүктөрүнүн түшүмүнүн алгачкыларынан өтө көп алып келишти. Алар ушулардын ондон бир бөлүгүн алып келишти.

6 Жүйүт аймагынын шаарларында турган ысрайылдыктар да, жүйүттөр да бодо малы менен майда малынын ондон бир бөлүгүн, өздөрүнүн Кудай-Теңирине арнаган курмандыктарынын ондон бир бөлүктөрүн алып келип, дөбө-дөбө кылып үйүштү.

7 Үчүнчү айда дөбө-дөбө кылып үйө баштап, жетинчи айда бүтүштү.

8 Хиския менен төрөлөр келип, дөбө-дөбө болуп жыйылган тартууларды көрүп, Теңирге жана Анын эли Ысрайылга ыраазычылык билдиришти.

9 Хиския бул дөбө-дөбө болуп жыйылган тартуулар жөнүндө ыйык кызмат кылуучулар менен лебилерден сурады.

10 Садоктун тукумунан чыккан башкы ыйык кызмат кылуучу Азария ага мындай деп жооп берди: «Теңирдин үйүнө тартууларды алып келе баштагандан тартып тойгончо жедик, дагы көп артып калды, анткени Теңир элине батасын берди. Артып калгандары ушунча көп болду».

11 Хиския Теңир үйүнөн бөлмөлөрдү даярдап коюуну буйруду. Бөлмөлөр даярдалды.

12 Ошол жерге тартууларды, курмандыктарды, ондуктарды ак ниеттүүлүк менен ташып келишти. Ошонун бардыгынын башчысы леби Канания, экинчиси анын бир тууганы Шими болду.

13 Канания менен анын бир тууганы Шиминин кол астындагы Жехиел, Азазия, Нахат, Асаел, Жеримот, Жозабат, Элиел, Жисмахия, Махат жана Бенай падыша Хиския менен Кудай үйүнүн башчысы Азария тарабынан коюлган күзөтчүлөр эле.

14 Чыгыш тараптагы дарбазачы леби, Имнанын уулу Коре элдин Кудайга өз ыктыяры менен тартуулаган, Теңирдин урматына алып келген эң маанилүү тартууларын алып берип туруу үчүн коюлду.

15 Бир туугандарынын улуусуна болобу, кичүүсүнө болобу, бирдей таратып туруш үчүн, ыйык кызмат кылуучулардын шаарларына коюлган Эден, Минbackup, Жейшуя, Шемая, Амария, Шехания анын карамагында болушту.

16 Күн сайын Кудай үйүндө кылган кызматы, кызмат түрү, бөлүмдөрү боюнча үч жана андан жогорку жаштагы тизмеге кирген бардык эркектерден тышкары

17 уруулары, кызматтары, бөлүмдөрү боюнча жыйырма жана андан жогорку жаштагы тизмеге кирген ыйык кызмат кылуучулар менен лебилерге,

18 алардын тизмеге кирген жаш балдарына, аялдарына, кыздарына, уулдарына – бүткүл жамаатка бирдей таратылды, анткени алар өздөрүн ыйык кызматка толук арнашкан.

19 Арундун уулдары – ыйык кызмат кылуучулар үчүн алардын шаарларынын айланасындагы кыштактарга аттары аталган кишилер коюлду. Алар эркек ыйык кызмат кылуучулардын бардыгына, тизмеге кирген бардык лебилерге тиешелүү үлүшүн бөлүштүрүү үчүн коюлду.

20 Бүт Жүйүт аймагында Хиския мына ушундай кылды, ал өз Кудай-Теңиринин алдында жакшы, адилеттүү, туура иш кылды.

21 Ал өз Кудайы жөнүндө ойлонуп, Кудайдын үйүндө кызмат кылууга, Анын мыйзамдары менен буйруктарын аткарууга бүт жүрөгү менен аракет кылып, ийгиликке жетти.

**32-БӨЛҮМ**

**Санхейриптин кол салышы**

1 Хиския ишенимдүү болуп, ушундай иштерди кылгандан кийин, Ашур падышасы Санхейрип Жүйүт аймагына кол салып, анын сепилдүү шаарларын курчап алды, аларды өзүнө каратып алгысы келди.

2 Хиския Санхейриптин Иерусалим менен согушканы келгенин көргөндө,

3 өзүнүн төрөлөрү жана аскер адамдары менен шаар сыртындагы сууларды бүтөп салууну чечти. Алар жардамга келишти.

4 Көп эл чогулуп, өлкөнү аралап аккан агын сууну жана бардык суу башаттарын бүтөп салышты да: «Ашур падышалары бул жакка келгенде, суу таппай калышсын», – дешти.

5 Ал кайраттанып, ураган дубалдардын бардыгын, бийик мунараларды калыбына келтирип, сыртынан дагы бир дубал курду жана Дөөттүн шаарындагы Милка сепилин бекемдеп, өтө көп курал-жарактарды жана калкандарды даярдап койду.

6 Анан эл башына аскер башчыларды коюп, аларды шаар дарбазасынын алдындагы аянтка чогултту да, аларга жакшы сөздөрдү айтып:

7 «Бекем тургула, кайраттуу болгула, Ашур падышасынан жана аны менен келген көптөгөн аскерлерден коркпогула, үрөйүңөрдү учурбагыла, анткени алар менен болгондорго караганда биздики көп.

8 Алар менен – адамдар, ал эми биз менен – Кудай-Теңирибиз! Ал бизге салгылашууда жардам берет жана биз үчүн күрөшөт», – деди. Жүйүт падышасы Хискиянын сөзүн уккан эл кайраттанды.

9 Ушундан кийин Ашур падышасы Санхейрип өз өкүлдөрүн Иерусалимге жиберди, өзү болсо бүт куралдуу күчү менен Лакиштин каршысында турду, ал Жүйүт падышасы Хискияга жана Иерусалимдеги жүйүттөргө өкүлдөрүнөн мындай деп айттырды:

10 «Ашур падышасы Санхейрип мындай дейт: Иерусалимде өзүңөрдү курчап алып, эмнеден үмүт кылып отурасыңар?

11 Хиския: "Ашур падышасынын колунан Кудай-Теңирибиз сактайт", – деп, силерди ачка калтырып, суусатып өлтүрүш үчүн азгырып жаткан жокпу?

12 Анын бутканалары менен курмандык чалынуучу жайларын талкалап, Жүйүт менен Иерусалим элине: "Бир гана курмандык чалынуучу жайга таазим кылгыла, анын үстүндө гана жыпар жыттуу зат түтөткүлө", – деген Хиския ушул эмеспи?

13 Силер менин жана менин ата-бабаларымдын жер жүзүндөгү бардык элдерди эмне кылганын билбейсиңерби? Жер жүзүндөгү элдердин кудайлары өз жерлерин менин колумдан сактап кала алышты беле?

14 Менин ата-бабаларым тукум курут кылган элдердин кайсы кудайы өз элин менин колумдан сактап калды? Анан силердин Кудайыңар кантип силерди менин колуман сактап калсын?

15 Хиския силерди азыр ушинтип азгырып, адаштырып койбосун, ага ишенбегиле. Эч бир элдин, эч бир падышачылыктын кудайы өз элин менин колумдан жана менин ата-бабаларымдын колунан сактап кала алган эмес, силердин Кудайыңар да силерди менин колуман сактап кала албайт».

16 Анын жөнөткөн кызматчылары Кудай-Теңирге каршы, Анын кулу Хискияга каршы дагы бир далай сөз айтышты.

17 Санхейрип Ысрайылдын Кудай-Теңирин жамандап жазган каттарында: «Жер жүзүндөгү элдердин кудайлары өз элдерин менин колуман сактап кала албагандай эле, Хискиянын Кудайы да өз элин менин колуман сактап кала албайт», – деп, Кудайга акарат келтирди.

18 Алар дубалдын үстүндө турган Иерусалим элин коркутуп, жүрөгүн түшүрүп шаарды багынтып алыш үчүн, жүйүт тилинде кыйкырып жатышты.

19 Иерусалимдин Кудайы жөнүндө да, башка элдердин адамдын колунан чыккан жасалма кудайлары жөнүндө да сүйлөп жатышты.

20 Ошондо Хиския падыша менен Амостун уулу Ышайа пайгамбар сыйынып, асмандагы Кудайга жалынып-жалбарды.

21 Теңир асмандан периштесин жиберди. Ал Ашур падышасынын аскерлеринин эң мыктыларын, аскер башчыларынын башчысын, аскер башчыларын кырып салды. Ал өз жерине маскара болуп кайтты. Ал өз кудайынын үйүнө келгенде, өз уулдары аны кылыч менен сайып өлтүрүштү.

22 Теңир Хискияны жана Иерусалим элин Ашур падышасы Санхейриптин колунан, бардык эле баскынчылардын колунан мына ушинтип куткарды. Аларды бардык жерде калкалап жүрдү.

23 Ошондо көпчүлүк эл Теңирге арнап Иерусалимге тартууларды алып келишти. Ошондой эле Жүйүт падышасы Хискияга кымбат баалуу белектерди алып келишти. Ушундан кийин бардык элдердин көз алдында анын даңкы чыкты.

**Хискиянын ооруп айыгышы**

24 Ошол кезде Хиския катуу ооруп калды. Ошондо ал Кудайга сыйынды. Ал анын үнүн угуп, ага жышаан берди.

25 Бирок Хиския бул ырайымга ыраазычылык билдирген жок, себеби жүрөгү текеберленип кеткен эле. Ошондо Кудай ага, Жүйүт аймагына да, Иерусалимге да каарданды.

26 Бирок Хиския жүрөгү текеберденип кеткенин мойнуна алгандыктан, Иерусалим тургундары да моюн сунгандыктан, Хискиянын көзү барында Теңир аларга каарын төккөн жок.

**Хиския падышанын байлыгы**

27 Хиския өтө көп байлыкка, атак-даңкка ээ болду. Ал өзүнүн алтын-күмүштөрү, асыл таштары, жыпар жыттуу заттары, кымбат баалуу идиштери үчүн атайын казыналарды курду.

28 Жерден алган түшүмдөрү үчүн, дан, шарап, зайтун майлары үчүн, атайын сактай турган кампаларды, төрт түлүк малдын түрлөрүнө жараша атайын малканаларды, короо-сарайларды салды.

29 Өзүнө да шаарларды курду. Анын бодо малы да, майда малы да өтө көп эле, анткени Кудай ага өтө көп мал-мүлк берген.

30 Ушул Хиския Гихон суусунун жогорку башатын тосуп, Дөөттүн шаарынын батыш тарабына, төмөн карай буруп салган. Хиския ар бир иште ийгиликке жетишкен.

31 Бабыл падышалары өз өкүлдөрүн анын жеринде болгон кереметтер тууралуу сурап-билүүгө жибергенде, сынаш үчүн, жүрөгүн билиш үчүн, Кудай аны таштап койгон.

**Хискиянын көз жумушу**

32 Хискиянын калган иштери менен жакшы иштери Амос уулу Ышайа пайгамбардын көргөн аяндарында, Жүйүт жана Ысрайыл падышаларынын китептеринде жазылып калган.

33 Хиския көз жумуп, ата-бабаларына кошулду. Аны Дөөт уулдарынын мүрзөлөрүнүн баш жагына коюшту. Ал көз жумганда, Жүйүт жана Иерусалим эли ага урмат көрсөтүштү. Анын ордуна уулу Менаше падыша болду.

**33-БӨЛҮМ**

**Менашенин Жүйүткө падышачылык кылышы**

1 Менаше такка отурганда, он эки жашта эле, ал Иерусалимде элүү беш жыл падыша болду.

2 Ал Ысрайыл уулдарынын алдынан Теңир кууп салган элдин жийиркеничтүү иштерин туурап, Теңирге жакпаган иштерди кылды.

3 Атасы Хиския жок кылып салган бийик жердеги бутканаларды кайрадан салып, Баалдарга курмандык чалынуучу жайларды куруп, Ашейра мамыларын тургузуп, асман кошуундарынын баарына табынып, ошолорго кызмат кылды.

4 Ошондой эле «Менин атым Иерусалимде түбөлүк болот», – деп, Теңир айткан Кудай үйүнө да курмандык чалынуучу жайларды курду.

5 Теңир үйүнүн эки короосуна тең асман кошуундарына арнап курмандык чалынуучу жайларды курду.

6 Ал Ином уулдарынын өрөөнүндө өз уулдарын курмандыкка өрттөдү. Ал ошондой эле бал ачты, төлгө тартты, сыйкырчылык кылды жана өлгөндөрдү чакыргандарды, сыйкырчылык кылгандарды колдоду. Ошентип, ал Кудайга жакпаган иштерди көп кылып, Аны каардантты.

7 Ал Кудай үйүнө оюп жасаткан бурканды койду. Бул үй жөнүндө Теңир Дөөткө жана анын уулу Сулайманга мындай деп айткан: «Ысрайылдын урууларынын ичинен Өзүм тандап алган Иерусалимде жана ушул үйдө Өз ысымымды түбөлүккө орнотом.

8 Эгерде алар Мен Мусанын колу менен берген бардык мыйзам, буйрук, көрсөтмөлөрдү так аткарууга аракет кыла турган болсо, Мен алардын ата-бабаларына бекитип берген бул жерден мындан ары аларды кууп чыкпайм».

9 Бирок Менаше Жүйүт аймагы менен Иерусалимдин тургундарын Ысрайыл уулдарынын алдынан Теңир кууп салган элдердин иштеринен да жаман иштерди кылууга түрттү.

**Менашенин Кудайга моюн сунуусу**

10 Теңир Менашеге жана анын элине сүйлөдү, бирок алар укпай коюшту.

11 Ошондо Теңир Ашур падышасынын аскер башчыларын аларга каршы жөнөттү. Алар Менашени кишендеп, чынжырлап Бабылга алып келишти.

12 Ал кыйналганда, өз Кудай-Теңирине жалына баштады. Ошентип, ал өз ата-бабаларынын Кудайынын алдында толук моюн сунду.

13 Ага сыйынды, Кудай да ага назарын салып, сыйынуусун угуп, аны Иерусалимге, өз падышачылыгына кайра алып келди. Ошондо Менаше Теңирдин Кудай экенин тааныды.

14 Ошондон кийин Дөөттүн шаарынын тышкы дубалдарын, Гихон суусунун батыш тарабындагы коктуну бойлото Балык дарбазасынын кире беришине чейин курду. Опелди тегерете дубал менен курчады, дубалды бийик көтөрдү. Жүйүт аймагындагы бекемделген шаарлардын бардык тарабына аскер башчыларды койду.

15 Кудай үйүндөгү башка кудайларды, бурканды, Иерусалимдеги жана Теңир үйү турган тоодогу өзү тургузган бутканалардын бардыгын талкалап, шаардын сыртына ыргытты.

16 Теңирдин курмандык чалынуучу жайын калыбына келтирип, ага тынчтык курмандыктары менен ыраазычылык курмандыктарын чалды. Анан Ысрайылдын Кудай-Теңирине гана кызмат кылууну жүйүттөргө буйруду.

17 Бирок эл өз курмандыктарын Кудай-Теңирине арнаганы менен, дагы эле бутканаларда курмандыктарды чала берди.

**Менашенин көз жумушу**

18 Менашенин калган иштери, өз Кудайына жалынган сыйынуусу, ага Ысрайыл Кудай-Теңиринин атынан көрөгөчтөрдүн айткан сөздөрү Ысрайыл падышаларынын китебинде жазылган.

19 Анын сыйынуусу, Кудайдын ага назар салуусу, мыйзамсыз иштерин жана күнөөсүн мойнуна алганга чейин бутканаларды, курмандык чалынуучу жайларды курганы, Ашейра мамыларын жана буркандарды койгону Хозайдын китебинде жазылган.

20 Менаше көз жумуп, ата-бабаларына кошулду, аны өз үйүнө коюшту. Анын ордуна уулу Амон падыша болду.

**Амондун Жүйүткө падышачылык кылышы**

21 Амон такка отурганда, жыйырма эки жашта эле, ал Иерусалимде эки жыл падышачылык кылды.

22 Ал атасы Менашеге окшоп, Теңирге жакпаган иштерди кылды. Атасы Менаше жасаган бардык буркандарга курмандык чалып, ошолорго кызмат кылды.

23 Ал атасы Менашеге окшоп, Теңирдин алдында моюн сунган жок, тескерисинче, атасынан да көп күнөөгө батты.

24 Өз кулдары ага каршы кастык уюштурушуп, аны өз үйүндө өлтүрүп салышты.

25 Бирок эл Амон падышага каршы кастык уюштургандарды өлтүрүп салды. Эл анын ордуна уулу Жошияны такка отургузду.

**34-БӨЛҮМ**

**Жошиянын Жүйүткө падышачылык кылышы**

1 Жошия такка отурганда, сегиз жашта эле, ал Иерусалимде отуз бир жыл падышачылык кылды.

2 Ал Теңирге жаккан иштерди жасап, өз атасы Дөөттүн жолу менен жүрдү, оңго да, солго да бурулган жок.

**Жошиянын өзгөртүүлөрдү киргизүүсү**

3 Ал падышачылыгынын сегизинчи жылында, өспүрүм кезинде эле, атасы Дөөттүн Кудайына кайрыла баштаган. Ал эми падышачылыгынын он экинчи жылында Жүйүт аймагы менен Иерусалимди бутканалардан, Ашейра мамыларынан, оюп жана куюп жасалган жасалма кудайлардан тазалай баштаган.

4 Эл анын алдында Баалдардын курмандык чалынуучу жайлары менен алардын үстүндөгү күн буркандарын кыйратып, Ашейра мамыларын кыйып, оюлуп, куюлуп жасалган жасалма кудайларды талкалап, майдалап туруп, күлдөрүн аларга курмандык чалгандардын мүрзөлөрүнүн үстүнө сапырып жиберди.

5 Буткана кызматчыларынын сөөгүн алардын курмандык чалынуучу жайларынын үстүндө өрттөдү. Ошентип, ал Жүйүт аймагы менен Иерусалимди тазалады.

6 Менашенин, Эпрайымдын, Шымондун шаарларында, атүгүл, Напталынын тукумуна чейин жана алардын ээн калган аймактарында болуп,

7 курмандык чалынуучу жайларды кыйратып, Ашейра мамыларын кыйып, балбалдарды өрттөп, Ысрайыл жериндеги бардык буркандарды талкалап, Иерусалимге кайтты.

**Мусанын мыйзам китеби**

8 Ал падышачылыгынын он сегизинчи жылында жерин жана Кудай үйүн тазалаткан соң, өз Кудай-Теңиринин үйүн калыбына келтириш үчүн, Атсалия уулу Шапанды, шаар башчысы Маасеяны, Жаахаз уулу Жаах катчыны жөнөттү.

9 Алар башкы ыйык кызмат кылуучу Хилкияга келишип, элдин Кудай үйүнө алып келген күмүштөрүн тапшырышты. Ал күмүштөрдү эшик кайтарган лебилер Иерусалим тургундарынан, бүткүл Жүйүт менен Бенжеминден, ысрайылдыктардан, Менаше менен Эпрайым урууларынан чогултуп алышкан.

10 Аларды Теңир үйүн оңдоп жаткан жумушчуларга таратып бериш үчүн, Теңир үйүндөгү жумушчулардын башчыларынын колдоруна тапшырышты.

11 Алар Жүйүт падышалары бүлүнткөн имаратты кайрадан жабыш үчүн, чегилген таштарды жана шырык үчүн жыгач сатып алууга күмүштү усталар менен куруучуларга беришти.

12 Бул адамдар тапшырылган жумуштарды ак ниеттүүлүк менен иштешти. Аларды көзөмөлдөп турууга: Мерари уулдарынан Жахат менен Обадия, Каат уулдарынан Захария менен Мешулам коюлду. Булар музыкалык аспаптарда ойной алган лебилер эле.

13 Алар жүк ташуучулар менен ар кандай жумуштарды аткарган адамдарга көзөмөлдүк кылышты. Лебилердин ичинен катчылар, дарбазачылар, көзөмөлдөөчүлөр да бар эле.

14 Теңир үйүндөгү күмүштөрдү алып жатканда, башкы ыйык кызмат кылуучу Хилкия Теңирдин Муса аркылуу берген мыйзам китебин таап алды.

15 Хилкия катчы Шапанга: «Мен Теңир үйүнөн мыйзам китебин таап алдым», – деди да, китепти Шапандын колуна берди.

16 Шапан китепти падышага алып келип, ага мындай деген кабарды айтты: «Кулдарың сен буйруган жумуштардын бардыгын жасап жатышат.

17 Алар Теңир үйүнөн табылган күмүштөрдү алып, иш башкаруучулардын жана жумушчулардын колдоруна беришти».

18 Катчы Шапан падышага дагы: «Башкы ыйык кызмат кылуучу Хилкия мага мына бул китепти берди», – деди. Шапан китепти падыша алдында окуду.

19 Падыша мыйзам сөздөрүн укканда, өз кийимин айрып жиберди.

20 Анан падыша Хилкия менен Шапандын уулу Акикамга, Михейдин уулу Абдонго, катчы Шапанга, падышанын кызматчысы Асаяга мындай деп буйрук берди:

21 «Мен үчүн, аман калган Ысрайыл үчүн, Жүйүт үчүн бул табылган китепте жазылган мыйзам жөнүндө Теңирден сурагыла. Анткени ата-бабаларыбыз бул китепте жазылган сөздөр боюнча жүрбөй, Теңирдин сөздөрүн аткарбай койгондуктан, Теңирдин бизге болгон каары күчтүү».

22 Ошондо Хилкия менен падышанын кишилери кийим кайтарган Хасранын уулу, Токаттын уулу Шалумдун аялы Хулда деген пайгамбар аялга барышты. Ал аял Иерусалимдин экинчи бөлүгүндө жашачу. Алар бул тууралуу аялга айтышты.

23 Аял аларга мындай деди: «Ысрайылдын Кудай-Теңири мындай дейт: Силерди мага жиберген кишиге айткыла:

24 Теңир мындай дейт: "Эми Мен Жүйүт падышасынын алдында окуп берген китепте жазылган алааматты бул жерге каптатам жана бул жерде жашагандарды каргышка калтырам.

25 Анткени алар Мени таштап, башка кудайларга жыпар жыттуу зат түтөтүшүп, өз колдору менен кылган кылмыштары менен Мени каардантышты. Менин каарым алар турган жерде жалындап күйөт, өчпөйт".

26 Ал эми Теңирден сурап билүүгө жиберген Жүйүт падышасына мындай айткыла: Китептеги сен уккан сөздөр тууралуу Ысрайылдын Кудай-Теңири мындай дейт:

27 "Бул жер тууралуу, анда жашагандар тууралуу китепте жазылган Менин сөздөрүмдү угуп, Менин алдымда жүрөгүңдү жоошутуп, башыңды ийгендиктен, кийимиңди айрып, өкүнүп ыйлап, Менин алдымда моюн сунгандыктан, Сенин үнүңдү уктум.

28 Мен сени өз ата-бабаларыңа кошом, сен тынчтык менен коюласың, сен жашаган бул жерге, анда жашаган элге Мен жибере турган алааматтарды сенин көзүң көрбөйт». Падышага Теңирдин жообун жеткиришти.

**Жошиянын Теңир жолу менен жүрүүгө убада бериши**

29 Падыша Жүйүт аймагы менен Иерусалимдеги бардык аксакалдарды чакырууга чабарман чаптырды.

30 Ошондо падыша, аны менен кошо бардык Жүйүт эли, Иерусалимдин тургундары, ыйык кызмат кылуучулар, лебилер, кичине дебей, чоң дебей бүт эл Теңир үйүнө келишти. Ал Теңир үйүнөн табылган мыйзам китептеги бардык сөздөрдү угуза окуду.

31 Падыша өз ордунан туруп, Теңирдин жолу менен жүрүш үчүн, чын жүрөктөн, бүт жан-дилинен Анын осуяттарын, мыйзамдарын, көрсөтмөлөрүн аткарыш үчүн, бул китепте жазылган келишим сөздөрүн аткарыш үчүн, Теңирдин алдында келишим түздү.

32 Анан падыша Иерусалимде жана Бенжемин жеринде жашагандардын бардыгына муну иш жүзүндө аткарууну буйруду. Ошондон кийин Иерусалим тургундары өз ата-бабаларынын Кудай-Теңиринин келишими боюнча жашай баштashты.

33 Ошентип, Жошия Ысрайыл уулдары табынган бардык жерлердеги жийиркеничтүү нерселерди алып таштады. Ысрайыл жеринде жашагандардын бардыгына өз Кудай-Теңирине кызмат кылууну буйруду. Анын көзү өткөнчө, алар өз ата-бабаларынын Кудай-Теңиринен баш тартышкан жок.

**35-БӨЛҮМ**

**Жошиянын Иерусалимде Пасах майрамын өткөрүшү**

1 Жошия Иерусалимде Теңирдин Пасах майрамын өткөрдү. Пасах козусун биринчи айдын он төртүнчү күнү союшту.

2 Ал ыйык кызмат кылуучуларды өздөрүнүн кызмат орундарына коюп, Теңир үйүндө кызмат кылууга шыктандырды.

3 Анан лебилерге, өздөрүн Теңирге арнаган Ысрайылдын бардык насаатчыларына мындай деди: «Ысрайыл падышасы Дөөттүн уулу Сулайман курган ийбадатканага келишим сандыгын койгула. Аны эми ийиниңерге көтөрүп жүрүүнүн зарылдыгы жок. Мындан ары Кудай-Теңирге жана Анын Ысрайыл элине ушул жерде кызмат кылгыла.

4 Ысрайыл падышасы Дөөт жана анын уулу Сулайман падыша көрсөтүп кеткендей, уруу-урууңар боюнча, кезек-кезегиңер боюнча тургула.

5 Ысрайыл уулдары болгон бир туугандарыңардын уруулары боюнча, лебилердин уруулары боюнча бөлүнүп, ыйык жайда тургула.

6 Пасахка арналган козуну сойгула да, ыйыкталгыла, аны бир туугандарыңарга Теңирдин Муса аркылуу айткан сөзү боюнча даярдагыла».

7 Анан Жошия ал жерде турган элдин уулдарынын бардыгына Пасах курмандыгы үчүн майда малдан, козу менен жаш текеден отуз миң жана үч миң букачар берди. Падыша буларды өз малынан берди.

8 Анын төрөлөрү да элге, ыйык кызмат кылуучуларга, лебилерге өз каалоосу менен тартууларды алып келишти: Кудайдын үйүндө башчылык кылган Хилкия, Захария, Жехиел Пасах курмандыгы үчүн ыйык кызмат кылуучуларга эки миң алты жүз майда мал жана үч жүз өгүз беришти.

9 Канания, анын бир туугандары Шемая, Натанаел жана лебилердин башчылары: Хашабия, Жейел, Жозабат Пасах курмандыгы үчүн лебилерге беш миң кой, беш жүз өгүз беришти.

10 Пасахты өткөрүү кызматы мына ушундай болду. Падышанын буйругу боюнча ыйык кызмат кылуучулар өз-өз орундарында, лебилер өз кезеги менен турушту.

11 Анан Пасах козусун союшту. Ыйык кызмат кылуучулар лебилердин колдорунан канды алып чачышты, лебилер болсо терисин сыйрышты.

12 Мусанын китебинде жазылгандай, Теңирге арналып чалынуучу бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктарды Ысрайыл уулдарынын урууларына бөлүштүрүштү. Өгүздөрдү да ошондой кылышты.

13 Мыйзам боюнча Пасах козусун отко кактап бышырышты. Ыйык курмандыктарды казандарга, карапаларга, мискейлерге бышырышып, дароо бардык элге таратышты.

14 Андан соң өздөрү үчүн жана ыйык кызмат кылуучулар үчүн даярдашты, анткени Аруңдун уулдары, ыйык кызмат кылуучулар бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктарды жана майларды өрттөп, түн киргенге чейин колдору бошогон жок. Ошондуктан лебилер өздөрүнө жана Аруңдун уулдарына, ыйык кызмат кылуучуларга, даярдашты.

15 Асаптын уулдары, ырчылар Дөөт менен Асаптын, Эйман менен падышанын көрөгөчү Жедутундун буйругу боюнча өз орундарында калышты, дарбазачылар да ар бир дарбазанын алдында турушту. Аларга өз кызматын таштап кетүүнүн кажети жок эле, анткени алар үчүн бир туугандары болгон лебилер даярдашчу.

16 Жошия падышанын буйругу боюнча Теңирдин курмандык чалынуучу жайында курмандык өрттөп Пасахты өткөрүш үчүн, ошол күнү Теңирге кылган кызмат ушундай болду.

17 Ал жерде болгон Ысрайыл уулдары Ачыткысыз нан майрамы менен Пасах майрамын жети күн бою өткөрүштү.

18 Шемуел пайгамбардын күндөрүнөн бери Ысрайылда мындай Пасах майрамы өткөрүлгөн эмес эле. Жошия, ыйык кызмат кылуучулар, лебилер, Иерусалимде жашаган жүйүттөр менен ысрайылдыктар өткөргөн Пасах майрамын Ысрайыл падышаларынын бири да өткөргөн эмес.

19 Бул Пасах майрамы Жошиянын падышачылыгынын он сегизинчи жылында өткөрүлдү.

**Жошиянын көз жумушу**

20 Жошия Кудайдын үйү үчүн бардык иштерди кылып бүткөндөн кийин, Мисир падышасы Нехо Эфрат боюндагы Каркемиш менен согушууга бет алды. Жошия анын алдынан чыкты.

21 Нехо өз өкүлдөрүн жөнөтүп, ага мындай деп айттырды: «Жүйүт падышасы, менден сага эмне керек? Мен сага каршы бара жаткан жокмун, мен согуш болуп жаткан жерге бара жатам. Мени Кудай шаштырып жатат. Кудайга каршы чыкпа, Ал мени менен, Ал сени өлтүрүп салбасын, байка».

22 Бирок Жошия кайтып кетпей, аны менен согушууга даярданды, Кудайдын атынан сүйлөгөн Нехонун сөзүн укпай койду, аны менен Мегидо түздүгүндө беттешти.

23 Ошондо анын жаа тарткычтары Жошияны атышты. Жошия өз кызматчыларына мындай деди: «Мени алып кеткиле, мен оор жарадар болдум».

24 Кызматчылары аны майдан арабадан түшүрүп, коштоп жүргөн башка арабага салып, Иерусалимге алып кетишти. Ал оор жараттан өлдү, аны ата-бабаларынын мүрзөсүнө коюшту. Бүткүл Жүйүт аймагы менен Иерусалим Жошияны жоктоп аза күтүштү.

25 Жошияны катуу жоктоп, Жеремия да кошок кошту. Ырчылар менен кошокчу аялдар Жошияны армандуу ырларында айтып, бүткүл Ысрайылга таратышты, ал армандуу ырлар азыркыга чейин Ысрайыл элинде колдонулуп келе жатат. Жошияны жоктогон кошоктор армандуу ырлар китебинде жазылган.

26 Теңирдин мыйзамы боюнча аткарган Жошиянын башка жакшы иштери,

27 анын дагы башка иштери, алгачкы жана акыркы иштери Ысрайыл менен Жүйүт падышаларынын китебинде жазылган.

**36-БӨЛҮМ**

**Жаахаздын Жүйүткө падышачылык кылышы**

1 Жүйүт эли Жошиянын уулу Жаахазды атасынын ордуна падыша кылып койду.

2 Жаахаз такка отурганда, жыйырма үч жашта эле, ал Иерусалимге үч ай гана падышачылык кылды.

3 Аны Иерусалимдеги тагынан Мисир падышасы кулатты да, алардын жерине жүз таланттан күмүш жана бир таланттан алтын салык салды.

4 Мисир падышасы Жүйүт аймагы менен Иерусалимге анын бир тууганы Элийакимди падыша кылып, анын атын Жайаким кылып өзгөрттү. Ал эми анын бир тууганы Жаахазды Нехо Мисирге туткундап кетти.

**Жайакимдин Жүйүткө падышачылык кылышы**

5 Жайаким такка отурганда, жыйырма беш жашта эле, ал Иерусалимде он бир жыл падышачылык кылды. Ал өз Кудай-Теңирине жакпаган иштерди кылды.

6 Ага Бабыл падышасы Небухаданасар кол салып, аны Бабылга алып кетиш үчүн, кишендеп салды.

7 Небухаданасар Теңирдин үйүндөгү алтын идиштердин бир бөлүгүн алып, Бабылга алып кетип, Бабылдагы бутканасына коюп койду.

8 Жайакимдин башка иштери, анын жийиркеничтүү иштери Жүйүт менен Ысрайыл падышаларынын китебинде жазылган. Анын ордуна уулу Жайахин падыша болду.

**Жайахиндин Жүйүткө падышачылык кылышы**

9 Жайахин такка отурганда, он сегиз жашта эле, ал Иерусалимде үч ай, он күн падышачылык кылды. Ал Теңирге жакпаган иштерди кылды.

10 Бир жыл өткөндөн кийин, Небухаданасар падыша Теңирдин үйүндөгү кымбат баалуу идиштер менен кошо аны Бабылга алып келүүгө буйрук кылды. Ал Жүйүт аймагы менен Иерусалимге Жайахиндин жакын тууганы Ситкияны падыша кылып койду.

**Ситкиянын Жүйүткө падышачылык кылышы**

11 Ситкия такка отурганда, жыйырма бир жашта эле, ал Иерусалимде он бир жыл падышачылык кылды.

12 Ал өз Кудай-Теңирине жакпаган иштерди кылды. Теңирдин атынан пайгамбарчылык сөздөрдү айткан Жеремия пайгамбардын алдында ал моюн сунган жок.

13 Ал Кудайдын атынан ант алган Небухаданасар падышадан бөлүнүп кетти. Ал катуу өжөрлөнүп, жүрөгүн таш кылып, ысрайылдыктардын Кудай-Теңирине кайрылган жок.

14 Ыйык кызмат кылуучуларга жана элге башчылык кылган бардык башкаруучулар да бутпарастарды туурап, көп күнөөгө батып, Иерусалимде Теңир Өзү ыйыктаган Теңирдин үйүн булгашты.

15 Ошондо алардын ата-бабаларынын Кудай-Теңири аларга таң азандан элчилерин жөнөтүп турду, анткени ал Өз элин, Өз турак жайын аяды.

16 Бирок алар Кудай жиберген элчилерди шылдың кылышып, алардын сөздөрүн барк албай, Анын пайгамбарларын маскаралашты, ошондо Теңир Өз элине абдан каарданды. Аларды Теңирдин каарынан эч нерсе куткарып кала алган жок.

**Иерусалимдин кулашы**

17 Теңир аларга Каздим падышасын жиберди, алардын ыйык жайында улан-кыздарды кылычтап өлтүрүштү, алар жаш баланы да, жаш кызды да, чал-кемпирди да, эч кимди аяшкан жок, анткени Теңир бардыгын алардын колуна салып берди.

18 Кудайдын үйүндөгү кичине дебей, чоң дебей, бардык идиштерди, Теңирдин үйүндөгү, падышанын үйүндөгү, төрөлөрдүн үйүндөгү бардык казына-байлыктарды Бабылга алып кетишти.

19 Кудайдын үйүн өрттөп, Иерусалимдин дубалдарын кыйратып салышты. Анын бардык үйлөрүн өрттөп, асыл буюмдарын талкалап кетишти.

20 Кылыч мизинен аман калгандарды ал Бабылга көчүрдү. Персия падышасы такка келгенге чейин, алар ага жана анын уулдарына кул болуп калышты.

21 Теңирдин Жеремия пайгамбар аркылуу айткан сөздөрү аткарылганга чейин, жер өзүнүн ишемби жылдарында эс алган эмес, ээн калган учурда жетимиш жыл бою эс алды.

**Кореш падышанын жүйүттөрдү алып келүү жөнүндөгү буйругу**

22 Ал эми Персия падышасы Корештин падышачылыгынын биринчи жылында Теңирдин Жеремия аркылуу айткан сөздөрү ордунан чыгыш үчүн, Теңир Персия падышасы Корештин рухун козгоду. Ошондо ал өзү бийлеп турган бардык падышачылыкка оозеки да, кат жүзүндө да мындай деп жарыялоону буйрук кылды:

23 «Персия падышасы Кореш мындай дейт: “Асмандагы Кудай, Теңир мага жер жүзүнүн бардык падышачылыктарын берди. Ал Жүйүт аймагындагы Иерусалимге Теңирдин үйүн курууну мага буйрук кылды. Араңарда Анын элинен ким калса, ал ошол жакка бет алсын, Кудай аны менен болот”».

**ЭЗРА**

**1-БӨЛҮМ**

**Кореш падышанын Иерусалимдеги ийбадаткананы кайра куруу жөнүндөгү буйругу**

1 Персия падышасы Корештин падышачылыгынын биринчи жылында, Теңирдин Жеремия аркылуу айткан сөзү ордунан чыгыш үчүн, Теңир Персия падышасы Корештин рухун ойготту. Ошондуктан ал өзү башкарган бүт падышачылыкка оозеки жана кат жүзүндө мындай деп жарыялоону буйрук кылды:

2 «Персия падышасы Кореш мындай дейт: "Жер жүзүнүн бардык падышачылыктарын асмандагы Кудай, Теңир, мага берди. Ал мага Жүйүт аймагындагы Иерусалимде Ага арнап үй курууну буйрук кылды.

3 Силердин араңарда ким Анын элинен болсо, Кудай Өзү аны менен болсун, ал Жүйүт аймагындагы Иерусалимге барсын. Ал Иерусалимдеги Ысрайылдын Кудай-Теңиринин үйүн курсун.

4 Ал эми кетпей калган ысрайылдыктарга, алар кайсы жерде жашаганына карабастан, ошол жердин тургундары Иерусалимдеги Кудайдын үйү үчүн чын жүрөгү менен күмүш, алтын, ар кандай буюм, мал берип, жардам кылышсын"».

5 Ошондо Иерусалимдеги Теңир үйүн курууга барыш үчүн, Жүйүт уруусу менен Бенжемин уруусунун башчылары, ыйык кызмат кылуучулар, лебилер жана Кудай кимге каалоо берсе, ошолордун баары турду.

6 Кошуна жашаган элдин баары чын жүрөгү менен бергендеринен тышкары, алтын-күмүш идиштерин, ар кандай буюмдарын, малын, ар кандай кымбат баалуу буюмдарын алып келип көмөк көрсөттү.

7 Падыша Кореш Небухаданасардын Иерусалимден алып кетип, өз кудайынын үйүнө коюп алган Теңир үйүнүн идиштерин алып чыкты.

8 Персия падышасы Кореш казына кармаган Митредатка аларды алып чыгууну буйруду. Митредат болсо аларды санап туруп, Жүйүт төрөсү Шешпатсарга тапшырды.

9 Алардын эсеби мынча болду: алтын идиштен отуз, күмүш идиштен миң, бычактан жыйырма тогуз,

10 алтын чөйчөктөн отуз, кош кабат күмүш чөйчөктөн төрт жүз он, башка ар кандай идиштен миң.

11 Алтын-күмүш идиштердин бардыгы беш миң төрт жүз болду. Шешпатсар туткундарды Бабылдан Иерусалимге жөнөтүп жатканда мунун баарын ала кетти.

**2-БӨЛҮМ**

**Туткундан бошогон адамдардын тизмеси**

1 Бабыл падышасы Небухаданасар Бабылга туткундап кеткен туткундардын ичинен Иерусалимге жана Жүйүт аймагына, өз жерине кайтып келген бул өлкөнүн уулдары булар:

2 Зоробабыл менен, Жешуя менен, Некемия менен, Серая менен, Рейлай менен, Мордохай менен, Билшан менен, Миспар менен, Бикбай менен, Рехум менен, Баан менен келген Ысрайыл элинин саны:

3 Парош уулдары эки миң бир жүз жетимиш эки;

4 Шепатия уулдары үч жүз жетимиш эки;

5 Арах уулдары жети жүз жетимиш беш;

6 Жашыя менен Жойап уулдарынан Пахат-Мааптын уулдары эки миң сегиз жүз он эки;

7 Эйламдын уулдары бир миң эки жүз элүү төрт;

8 Затунун уулдары тогуз жүз кырк беш;

9 Закайдын уулдары жети жүз алтымыш;

10 Банинин уулдары алты жүз кырк эки;

11 Бейбайдын уулдары алты жүз жыйырма үч;

12 Азгаттын уулдары бир миң эки жүз жыйырма эки;

13 Адонукамдын уулдары алты жүз алтымыш алты;

14 Бикбайдын уулдары эки миң элүү алты;

15 Адындын уулдары төрт жүз элүү төрт;

16 Жехискиянын үй-бүлөсүнөн Атейирдин уулдары токсон сегиз;

17 Бейтсайдын уулдары үч жүз жыйырма үч;

18 Жоранын уулдары бир жүз он эки;

19 Хашумдун уулдары эки жүз жыйырма үч;

20 Гибардын уулдары токсон беш;

21 Бейт-Лехемде туулгандар бир жүз жыйырма үч;

22 Нетопада жашагандар элүү алты;

23 Анатотто жашагандар бир жүз жыйырма сегиз;

24 Азмабетте туулгандар кырк эки;

25 Кирийат-Жейаримде, Кепирада жана Бейротто туулгандар жети жүз кырк үч;

26 Рамада жана Гебада туулгандар алты жүз жыйырма бир;

27 Мукмаста жашагандар бир жүз жыйырма эки;

28 Бейтелде жана Айда жашагандар эки жүз жыйырма үч;

29 Небодо туулгандар элүү эки;

30 Магбиште туулгандар бир жүз элүү алты;

31 Башка Эйламдын уулдары бир миң эки жүз элүү төрт;

32 Харимдин уулдары үч жүз жыйырма;

33 Лоддо, Хадитте жана Онодо туулгандар жети жүз жыйырма беш;

34 Жериходо туулгандар үч жүз кырк беш;

35 Сенаада туулгандар үч миң алты жүз отуз.

36 Ыйык кызмат кылуучулар: Жешуянын үй-бүлөсүнөн Жедая уулдары тогуз жүз жетимиш үч;

37 Имердин уулдары бир миң элүү эки;

38 Пашкурдун уулдары бир миң эки жүз кырк жети;

39 Харимдин уулдары бир миң он жети.

40 Лебилер: Одабия уулдарынан Жешуя менен Кадмиелдин уулдары жетимиш төрт;

41 Ырчылар: Асаптын уулдары бир жүз жыйырма сегиз;

42 Дарбазачылардын уулдары: Шалумдун уулдары, Атейирдин уулдары, Талмондун уулдары, Акуптун уулдары, Хатитанын уулдары, Шобайдын уулдары, бардыгы болуп бир жүз отуз тогуз.

43 Нетиндер: Зиханын уулдары, Хасупанын уулдары, Табаотанын уулдары.

44 Кейростун уулдары, Сиянын уулдары, Падондун уулдары,

45 Лебандын уулдары, Хагаптын уулдары, Акуптун уулдары,

46 Хагаптын уулдары, Самлайдын уулдары, Ханандын уулдары,

47 Гиделдин уулдары, Гахардын уулдары, Рейайдын уулдары,

48 Ретсиндин уулдары, Некоданын уулдары, Газамдын уулдары,

49 Узанын уулдары, Пасейахтын уулдары, Бейсайдын уулдары,

50 Аснанын уулдары, Мейунимдин уулдары, Непусимдин уулдары,

51 Бакбуктун уулдары, Хакупанын уулдары, Хархурдун уулдары,

52 Батсулуттун уулдары, Мехиданын уулдары, Харшанын уулдары,

53 Баркостун уулдары, Сисранын уулдары, Тамахтын уулдары,

54 Нетсиахтын уулдары, Хатипанын уулдары.

55 Сулаймандын кулдарынын уулдары: Сотайдын уулдары, Сопереттин уулдары, Перуданын уулдары,

56 Жааланын уулдары, Даркондун уулдары, Гиделдин уулдары,

57 Шепатиянын уулдары, Хатилдин уулдары, Похерет-Себайымдын уулдары, Аминин уулдары,

58 бардыгы болуп нетиндер менен Сулаймандын кулдары үч жүз токсон эки.

59 Ысрайылданбы, кайсы уруудан экенин көрсөтө албаган Тейил-Мелахтан, Тейил-Харшадан, Керуп, Адан, Имейерден чыккандар мына булар:

60 Делаянын уулдары, Тобиянын уулдары, Некоданын уулдары алты жүз элүү эки адам.

61 Ыйык кызмат кылуучулардын уулдарынан: Хабаянын уулдары, Акостун уулдары жана гилаттык Барзелайдын кызына үйлөнүп, ошолордун аты менен аталып калган Барзелайдын уулдары.

62 Алар өздөрүнүн санжырасын издешкен, бирок ал табылган жок. Ошондуктан алар ыйык кызматтан чыгарылган.

63 Тиршапа аларга урим менен тумим аркылуу Кудайдын эркин сураган ыйык кызмат кылуучу чыкмайынча, ыйык тамактан жебеш керектигин айтты.

64 Бардык жамаат биригип кырк эки миң үч жүз алтымыш адам болду.

65 Алардын жети миң үч жүз отуз жети кулу менен күңүнөн тышкары, дагы эки жүз ырчы кыз-жигити болгон.

66 Алардын жети жүз отуз алты аты, эки жүз кырк беш качыры,

67 төрт жүз отуз беш төөсү, алты миң жети жүз жыйырма эшеги болгон.

68 Иерусалимдеги Теңирдин үйүнө келген уруу башчылардын кээ бирөөлөрү Теңир үйүн өзүнүн мурунку турган жерине кайра тургузуш үчүн, өз каалоосу менен курмандык кылышты.

69 Байлыктарына жараша, алар курулуш иштери үчүн, анын казынасына алтымыш бир миң драхма алтын, беш миң мина күмүш жана ыйык кызмат кылуучулар кие турган жүз кийим беришти.

70 Ошентип, ыйык кызмат кылуучулар да, лебилер да, эл да, ырчылар да, дарбазачылар да, нетиндер да өз шаарларында жашап калышты, ошондой эле бүт ысрайылдыктар да өз шаарларында жашап калышты.

**3-БӨЛҮМ**

**Кудайга табынуунун калыбына келтирилиши**

1 Жетинчи ай болгондо, бүт Ысрайыл уулдары шаарларынан Иерусалимге келишти, алар бир кишидей чогулушту.

2 Жотсадактын уулу Жешуя, анын ыйык кызмат кылуучу бир туугандары, Шалтиел уулу Зоробабыл, анын бир туугандары ордунан турушту да, Кудайдын кулу Мусанын мыйзамында жазылгандай, бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык алып келиш үчүн, Ысрайыл Кудайына арнап курмандык чалынуучу жай курушту.

3 Алар башка элдерден корккондуктан, курмандык чалынуучу жайды мурунку ордуна курушту да, Кудайга арнап ар күнү эртең менен жана кечинде бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык чалып турушту.

4 Алар мыйзам боюнча Алачык майрамын өткөрүшүп, дайыма чалынуучу бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты ар бир күндүн мыйзамы боюнча белгиленген санда чалып турушту.

5 Ошондон кийин Теңирге арналган бардык майрамдарда, ай жаңырганда дайыма чалынуучу бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты өрттөп турушту, ар ким өз ыктыяры менен Теңирге арнап тартууларын берип турушту.

6 Жетинчи айдын биринчи эле күнүнөн баштап Теңирге арнап бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктарды өрттөй баштаршты. Бирок Теңирдин ийбадатканасынын пайдубалы коюла элек болчу.

7 Алар таш сомдоочуларга, жыгач усталарга күмүш берип турушту. Ошондой эле кедр жыгачын Персия падышасы Корештин уруксаты менен Лебанондон деңиз аркылуу Жапага жеткирип туруш үчүн, сидондуктар менен тирликтерге тамак, суусундук, май берип турушту.

**Ийбадатканаты калыбына келтирүүнүн башталышы**

8 Алар Иерусалимдеги Кудайдын үйүнө келгенине эки жыл, эки ай болгондо, Шалтиел уулу Зоробабыл менен Жотсадак уулу Жешуя жана алардын бөлөк бир туугандары, ыйык кызмат кылуучулар, лебилер, Иерусалимге кайтып келген бардык туткундар курулушту баштаршты. Кудайдын үйүндөгү жумуштарга көзөмөл кылыш үчүн, жыйырма жана андан жогорку жаштагы лебилерди коюшту.

9 Жүйүт тукуму болгон Жешуя менен анын уулдары, бир туугандары, Кадмиел менен анын уулдары Кудайдын үйүн куруп жаткандарга бир кишидей башчылык кылып турушту, ошондой эле Хейнадаттын уулдары, алардын уулдары менен бир туугандары, лебилер, кошо турушту.

10 Куруучулар ийбадаткананын пайдубалын тургузуп бүткөндөн кийин, ыйык кийимдерин кийген ыйык кызмат кылуучуларды сурнайлары менен, Асаптын уулдарын, лебилерди жез табактары менен Ысрайыл падышасы Дөөттүн көрсөтмөсү боюнча Теңирди даңкташ үчүн коюшту.

11 Ошондо алар кезектешип: «Теңирди мактагыла, даңктагыла, анткени Ал ырайымдуу, Анын Ысрайыл элине болгон ырайымы түбөлүктүү», – деп ырдай баштаршты. Бүт эл да ийбадаткананын пайдубалы коюлганы үчүн, Теңирди даңктап кыйкырып жатты.

12 Ошондо мурдагы ийбадатканаты көргөн ыйык кызмат кылуучулардын, лебилердин, уруу башчылардын, карыялардын көпчүлүгү өздөрүнүн көз алдында курулуп жаткан ийбадаткананын азыркы пайдубалын көрүп, катуу ыйлашты. Кээ бирөөлөр кубанганынан жер жаңырта кыйкырып жатышты.

13 Ошондо эл кубанычтын кыйкырыгы менен ый өкүрүгүн ажырата албай калды. Анткени эл жер жаңырта кыйкырып, алардын үнү алыска угулуп жатты.

**4-БӨЛҮМ**

**Душмандардын ийбадаткананын калыбына келтирилишине каршы болушу**

1 Жүйүт менен Бенжеминдин душмандары туткундан кайткан кишилердин Ысрайылдын Кудай-Теңирине арнап ийбадаткана куруп жатканын угушту.

2 Ошондо алар Зоробабылга жана уруу башчыларга келип, мындай дешти: «Биз да силер менен курушабыз, анткени Сирия падышасы Эйсар-Хадон бизди бул жакка алып келгенден бери биз да силердей эле силердин Кудайыңарга кайрылып, силердин Кудайыңарга курмандык чалып жүрөбүз».

3 Zоробабыл, Жешуя жана Ысрайылдын башка уруу башчылары аларга мындай деп айтышты: «Биздин Кудайыбыздын үйүн силер биз менен бирге курбайсыңар. Персия падышасы Кореш буйрук кылгандай, Ысрайылдын Кудай-Теңиринин үйүн биз өзүбүз эле курабыз».

4 Ошондо ал жердин адамдары жүйүт элин алсыратып, курулушка тоскоол кыла баштаты.

5 Алар жүйүт элинин иштерин бузуш үчүн, Персия падышасы Корештин падышачылыгынан Персия падышасы Дарийдин падышачылыгына чейин, аларга каршы кеңешчилерди пара берип сатып алып турушту.

6 Акашбейроштун падышачылыгынын башында, Жүйүт аймагы менен Иерусалимде жашагандарды айыптап кат жазышты.

7 Артакшаштанын тушунда Бишлам, Митредат, Табел жана алардын башка жолдоштору Персия падышасы Артакшаштага кат жазышты. Кат сирия тамгасы менен сирия тилинде жазылды.

8 Кеңешчи Рехум менен катчы Шимшай Иерусалимге каршы Артакшашта падышага мындай деп жазышты:

9 «Биз, Рехум кеңешчи менен Шимшай катчы жана алардын башка жолдоштору: динайлыктар, апарсаткалыктар, тарпелдиктер, апарастыктар, аркеликтер, бабылдыктар, шушандыктар, дайлыктар, эйламдыктар,

10 даңазалуу, улуу падыша Аснапар самариялык шаарларга жана дарыянын наркы өйүзүндөгү башка шаарларга көчүргөн жана башка элдер».

11 Ага жиберилген каттын мазмуну мындай: «Падыша Артакшаштага дарыянын наркы өйүзүндө жашаган кулдарыңдан жана башка элдерден.

12 Падышага белгилүү болсун, өзүңдөн чыккан жүйүттөр бизге, Иерусалимге келип, бул козголоңдуу жаман шаарды кайрадан куруп, дубалдарын тургузуп жатышат, пайдубалдарын болсо куруп коюшту.

13 Падышага белгилүү болсун, эгерде бул шаар кайрадан курулуп, дубалдары калыбына келе турган болсо, анда булар салык да, бажы акысын да, алым да төлөбөй калышат, ошондо падышанын казынасына зыян келет.

14 Биз падыша сарайынын тузун жеп жаткандыктан, падышанын уят болгонун көргүбүз келбейт, ошондуктан падышага ушул маалыматты жиберип жатабыз.

15 Сенин ата-бабаларыңдын тарых китебин таап беришсин, ошол тарых китебин карасаң, бул шаар падышалар үчүн, дубандар үчүн козголоңдуу, зыяндуу шаар болгонун, ал шаарда эзелтеден эле козголоңдор болуп турганын, ошон үчүн ал талкаланганын билесиң.

16 Ошондуктан биз падышага маалымдап жатабыз, эгерде бул шаар курулуп, калыбына келип, дубалдары тургузулуп калса, дарыянын наркы өйүзүнөн алган жерден айрыласың».

17 Ошондо падыша кеңешчи Рехумга, катчы Шимшайга, алардын Самарияда жана дарыянын наркы өйүзүндөгү шаарларда жашаган жолдошторуна мындай жооп жөнөттү: «Салам! ... жана башка.

18 Силердин бизге жөнөткөн катыңар менин алдымда ачык окулду.

19 Мен буйрук бердим, изилдеп, бул шаардын эзелтен бери падышаларга каршы чыгып турганын, бул шаарда козголоңдор, көтөрүлүштөр болуп турганын,

20 Иерусалимде дарыянын наркы өйүзүндөгү жерлердин баарын ээлеген күч-кубаттуу падышалар болгонун, алар алым, салык, бажы акысын алып турушканын билдик.

21 Ошондуктан буйрук бергиле, бул адамдар жумушту токтотушсун, менден буйрук болмоюнча, бул шаар курулбасын.

22 Бул ишти көзөмөлдөгүлө. Зыяндуу иштерди көбөйтүп, падышаларга зыян келтирүүнүн эмне кереги бар?»

23 Артакшашта падышанын бул каты кеңешчи Рехум менен катчы Шимшайдын жана алардын жолдошторунун алдында окулары менен, алар токтоосуз Иерусалимге, жүйүт элине келишти да, куралдуу күч менен жумушту токтотушту.

24 Ошондо Иерусалимдеги Кудайдын үйүндөгү жумуш токтоду. Бул жумуш Персия падышасы Дарийдин падышачылыгынын экинчи жылына чейин токтоп турду.

**5-БӨЛҮМ**

**Иштин кайра башталышы**

1 Бирок Акай пайгамбар менен Ыданын уулу Захария пайгамбар Жүйүт аймагында жана Иерусалимде жашаган жүйүттөргө Ысрайылдын Кудайынын ысымынан пайгамбарчылык сөздөрүн айтышты.

2 Ошондо Шалтиел уулу Зоробабыл, Жотсадак уулу Жешуя Иерусалимдеги Кудай үйүн кура башташты, аларды Кудайдын пайгамбарлары колдоп турушту.

3 Ошол учурда аларга дарыянын наркы өйүзүндөгү дубан башчы Татнай менен Шетар-Бознай жана алардын жолдоштору келип: «Бул үйдү курууга жана дубалдарын тургузууга силерге ким уруксат берди?» – дешти.

4 Ошондо биз аларга бул имаратты куруп жаткан адамдардын аттарын айттык.

5 Бирок Кудай жүйүт аксакалдарына көз салып турду. Тигилер бул ишти Дарийге жөнөткөнчө, андан бул иш боюнча чечим келгенче, жүйүттөргө тыюу салбай турушту.

**Дарий падышага билдирүү**

6 Дарыянын наркы өйүзүндөгү дубан башчы Татнай менен Шетар-Бознай жана алардын дарыянын наркы өйүзүндөгү жолдошторунун – апарсаткалыктардын Дарий падышага жөнөткөн катынын мазмуну мындай:

7 Алар жөнөткөн билдирүүдө мындай деп жазылган: «Дарий падышага бардык жактан тынчтык болсун!

8 Биздин Жүйүт аймагындагы улуу Кудайдын үйүнө барганыбыз падышага маалым болсун. Ал үй чоң-чоң таштардан курулуп жатат, дубалдарына устундар коюлуп жатат, бул жумуш тез жүрүп, алардын колдору менен ийгиликтүү бүтүп бара жатат.

9 Ошондо биз алардын аксакалдарынан: “Бул үйдү курууга жана дубалдарын тургузууга силерге ким уруксат берди?” – деп сурадык.

10 Мындан тышкары, алардын аттарын сурадык, биз алардын башчыларынын аттары сага белгилүү болушу үчүн жазып алдык.

11 Алар мындай деп жооп беришти: “Биз асман менен жердин Кудайынын кулдарыбыз, биз мындан көп жыл мурда курулган үйдү кайра куруп жатабыз, аны Ысрайылдын улуу падышасы курган.

12 Биздин ата-бабаларыбыз асмандагы Кудайдын каарына калганда, Ал Бабыл падышасы, каздимдик Небухаданасардын колуна аларды салып берген. Ал бул үйдү талкалап, элин Бабылга туткундап кеткен.

13 Бирок Бабыл падышасы Корештин падышачылыгынын биринчи жылында Кудайдын бул үйүн кайра курууга Кореш падыша уруксат берген.

14 Небухаданасар Иерусалимдеги ийбадатканадан алып чыгып, Бабыл ийбадатканасына койгон Кудай үйүндөгү алтын-күмүш идиштерди да Кореш падыша кайрадан Бабыл ийбадатканасынан алып, өзү дубан башчы кылып дайындаган Шешпатсар дегендин колуна тапшырып,

15 ага: "Бул идиштерди Иерусалимдеги ийбадатканага алып бар. Кудайдын үйү өзүнүн мурунку турган жеринде курула берсин", – деген.

16 Ошондо ошол Шешпатсар келип, Иерусалимге Кудай үйүнүн пайдубалын курган. Ошондон бери ал курулуп жатат, бирок бүтө элек”.

17 Ошондуктан падыша туура тапса, Иерусалимдеги Кудайдын бул үйүн курууга Кореш падышанын уруксат бергени чын бекен падышанын Бабылдагы казына үйүнөн карап көрүшсүн. Ал тууралуу бизге падыша өз буйругун жөнөтсүн».

**6-БӨЛҮМ**

**Корештин буйругунун табылышы**

1 Ошондо Дарий падыша Бабылдагы казынадагы китеп сактагычтан ал буйрукту табууга буйрук кылды.

2 Мадай дубанындагы Ахмета сарайынан бир түрмөк китеп табылды, анда мындай деп жазылган экен: «Эстетүү үчүн:

3 Кореш падышанын падышачылыгынын биринчи жылында Иерусалимдеги Кудай үйү тууралуу Кореш падыша мындай буйрук берген: “Курмандык чалына турган жай – Кудай үйү курулсун, ал үчүн бекем пайдубал орнотулсун. Анын бийиктиги алтымыш чыканак, туурасы алтымыш чыканак болсун.

4 Чоң таштардан үч катар, жыгач устундардан бир катар коюлсун. Каражат падыша үйүнөн берилсин.

5 Иерусалимдеги ийбадатканадан Небухаданасар Бабылга алып кеткен Кудай үйүндөгү алтындан, күмүштөн жасалган идиштер кайрадан Иерусалимдеги ийбадатканага жеткирилип, ар бири Кудай үйүндөгү өз-өз ордуна коюлсун”».

**Дарий падышанын буйругу**

6 «Ошондуктан дарыянын наркы өйүзүндөгү дубан башчы Татнай жана Шетар-Бознай, дарыянын наркы өйүзүндөгү жолдошторуңар – апарсаткалыктар менен кошо ал жерден кеткиле.

7 Кудай үйүндөгү жумуштарды токтотпогула; жүйүттөрдүн дубан башчысы менен жүйүт аксакалдары Кудайдын бул үйүн өз ордуна кайрадан курушсун.

8 Кудайдын үйүн куруп жаткан жүйүт аксакалдарына мындай жардам берүүнү буйрук кылам, атап айтканда, падышанын мал-мүлкүнөн – дарыянын наркы өйүзүнөн түшкөн алык-салыктан тезинен алып, иш токтобош үчүн, ошол адамдарга бергиле.

9 Канча керек болсо, асмандагы Кудайга арналган бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка букачардан болобу, койлордон же козудан болобу, ошондой эле Иерусалимдин ыйык кызмат кылуучулары кандай айтса, буудай, туз, шарап, май болобу, эмне керек болсо, күн сайын үзгүлтүксүз берилсин.

10 Алар асмандагы Кудайга жаккан курмандык чалып, падышанын жана анын балдарынын өмүрү үчүн сыйынышсын.

11 Мен мындай буйрук берем: ким бул көрсөтмөнү бузса, анда анын үйүнүн устунун сууруп, ал устунга ээсин керип ташташсын, үйү болсо уратылсын.

12 Кудайдын аты турган Иерусалимдеги Кудайдын ыйык үйүнө суук колун сунуп, зыян келтире турган ар кандай элдерди да, алардын падышаларын да Кудай жок кылсын деп мен, Дарий, бул буйрукту бердим. Бул буйрук так аткарылсын».

13 Ошондо дарыянын наркы өйүзүндөгү дубан башчы Татнай, Шетар-Познай жана алардын жолдоштору Дарий кандай буйруса, так ошондой аткарышты.

14 Акай пайгамбар менен Ыданын уулу Захариянын пайгамбарчылыгы боюнча Жүйүт аксакалдары курулушту улантып, чоң ийгиликке жетишти. Ысрайыл Кудайынын эрки менен, Персия падышалары: Корештин, Дарийдин, Артакшаштанын буйругу менен алар курулушту бүткөрүштү.

**Ийбадаткананын ыйыкталышы**

15 Ал үй Адар айынын үчүнчү күнү, Дарийдин падышачылыгынын алтынчы жылында курулуп бүттү.

16 Ысрайыл уулдары, ыйык кызмат кылуучулар, лебилер, туткундан келген башка кишилер Кудайдын бул үйүн кубаныч менен ыйыкташты.

17 Кудайдын бул үйүн ыйыктаган учурда жүз букачар, эки жүз кой, төрт жүз козу, Ысрайыл уруусунун санына жараша, бардык Ысрайылдын күнөөсү үчүн он эки теке курмандыкка чалышты.

18 Мусанын китебинде жазылгандай, Иерусалимдеги Кудайдын үйүнө кызмат кылууга ыйык кызмат кылуучуларды тобу боюнча, лебилерди кезеги боюнча орундарына коюшту.

**Пасах**

19 Биринчи айдын он төртүнчү күнү туткундан кайткандар Пасах майрамын өткөрүштү.

20 Анткени ыйык кызмат кылуучулар менен лебилердин бири калбай тазаланышты. Туткундан кайткандардын бардыгы үчүн, ыйык кызмат кылуучу бир туугандары үчүн жана өздөрү үчүн Пасах майрамына арналган козуларды союшту.

21 Туткундалып кетип, кайра кайтып келген Ысрайыл уулдары да Пасах тамагынан жешти, ошондой эле Ысрайылдын Кудай-Теңирине кайрылып туруш үчүн, башка элдердин тазалангандарынын баары жешти.

22 Алар Ачыткысыз нан майрамын жети күн кубаныч менен өткөрүштү. Анткени Кудай аларды кубантып, Ысрайылдын Кудай-Теңиринин үйүн курууда күч-кубат бериш үчүн, аларга Ашур падышасынын жүрөгүн бурду.

**7-БӨЛҮМ**

**Эзранын Иерусалимге келиши**

1 Бул окуялардан кийин, Персия падышасы Артакшаштанын тушунда Эзра Бабылдан чыкты. Ал – Сераянын уулу, Серая – Азариянын уулу, Азария – Хилкиянын уулу,

2 Хилкия – Шалумдун уулу, Шалум – Садоктун уулу, Садок – Акитуптун уулу,

3 Акитуп – Амариянын уулу, Амария – Азариянын уулу, Азария – Мерайоттун уулу,

4 Мерайот – Захариянын уулу, Захария – Узинин уулу, Узи – Букинин уулу,

5 Буки – Абышуанын уулу, Абышуа – Пинехастын уулу, Пинехас – Элазардын уулу, Элазар – башкы ыйык кызмат кылуучу Арундун уулу.

6 Эзра Бабыл жеринен чыкты. Ал китеп көчүргүч болгон, Ысрайылдын Кудай-Теңири берген Мусанын мыйзамдарын жакшы билген. Падыша анын каалаганын берди, анткени Кудай-Теңиринин колу анын үстүндө эле.

7 Эзра менен бирге Ысрайылдын кээ бир уулдары, ыйык кызмат кылуучулар, лебилер, ырчылар, дарбазачылар, нетиндер Артакшаштанын падышачылыгынын жетинчи жылы Иерусалимге келишти.

8 Ал Иерусалимге Артакшаштанын падышачылыгынын жетинчи жылынын бешинчи айында келди.

9 Бабылдан чыгуу биринчи айдын биринчи күнү башталды. Ал бешинчи айдын биринчи күнү Иерусалимге келди, анткени Кудайдын жакшылык кылуучу колу анын үстүндө эле.

10 Эзра өзүнүн жүрөгүн Теңирдин мыйзамын изилдөөгө, аны аткарууга, Ысрайыл элине мыйзамды жана чындыкты үйрөтүүгө бурган эле.

**Артакшашта падышанын каты**

11 Артакшашта падышанын Ысрайыл элине Теңирдин осуяттары менен мыйзамдарын үйрөткөн ыйык кызмат кылуучу, китеп көчүргүч Эзрага берген катынын мазмуну мындай:

12 «Падышалардын падышасы Артакшаштадан асмандагы Кудайдын мыйзамын окутуучу, ыйык кызмат кылуучу Эзрага салам.

13 Менин падышачылыгымдагы Ысрайыл элинин, анын ыйык кызмат кылуучуларынын, лебилеринин арасынан ким Иерусалимге барууну кааласа, ал сени менен барсын деп буйрук бердим.

14 Анткени сен падышанын жана анын жети кеңешчисинин атынан сенин колуңдагы Кудайдын мыйзамы боюнча Жүйүт аймагы менен Иерусалимдин акыбалын карап көрүү үчүн,

15 падыша менен анын кеңешчилери Иерусалимдеги Ысрайыл Кудайынын үйүнө курмандыкка арнаган алтын-күмүштөрүн жеткириш үчүн,

16 Бабылдын бардык дубанынан өзүң жыйнап алган алтын-күмүштөрдү ыйык кызмат кылуучулардын жана элдин Иерусалимдеги Кудайдын үйүнө арнап өз каалоолору боюнча курмандыкка берген тартуулары менен бирге жеткириш үчүн жөнөтүлүп жатасың.

17 Ошондуктан бул акчаларга токтоосуз өгүздөрдү, койлорду, козуларды, алар менен кошо чалынуучу нан курмандыктарын, куюлуучу курмандыктарды сатып ал, аларды Иерусалимдеги Кудайыңардын үйүндөгү курмандык чалынуучу жайда чал.

18 Калган алтын-күмүштөрдү өз Кудайыңардын эрки менен өзүң жана бир туугандарың эмнени туура деп тапса, ошого жумшагыла.

19 Кудайыңдын үйүндө кызмат кылууда пайдаланылуучу сага тапшырылган идиштерди Иерусалим Кудайынын алдына алып барып койгун.

20 Кудайыңдын үйү үчүн дагы эмне керек деп эсептесең, ошонун баарын падышанын казынасынан бер.

21 Мен, Артакшашта падыша, дарыянын наркы өйүзүндөгү казына кайтаруучулардын бардыгына буйрук берем: асмандагы Кудайдын мыйзамдарын үйрөтүүчү, ыйык кызмат кылуучу Эзра эмне талап кылса, ошону токтоосуз бергиле:

22 Жүз талантка чейин күмүш, жүз батка чейин буудай, жүз батка чейин шарап, жүз батка чейин май бергиле, тузду болсо өлчөөсүз бергиле.

23 Асмандагы Кудайдын үйү үчүн асмандагы Кудай берген бардык буйрук тактык менен орундалсын, болбосо Кудайдын каары падышанын жана анын балдарынын падышачылыгына тиет.

24 Силерге дагы билдире кетчү нерсе: Кудайдын үйүндө кызмат кылган ыйык кызмат кылуучулардын, лебилердин, ырчылардын, дарбазачылардын, нетиндердин эч кимисинен алым, салык, бажы акысы алынбасын.

25 Сен болсо, Эзра, Кудайың берген даанышмандыгың менен башчыларды жана башкаруучуларды кой, алар дарыянын наркы өйүзүндөгү элди – Кудайыңдын мыйзамдарын билген элди башкарышсын, билбегендерди үйрөткүлө.

26 Ким Кудайыңдын мыйзамын жана падышанын мыйзамын аткарбаса, аны токтоосуз өлүм жазасына болобу, же сүргүнгө болобу, же акчалай айыпка болобу, же зынданга болобу өкүм чыгарышсын».

**Эзранын Кудайды даңкташы**

27 Падышанын жүрөгүнө Иерусалимдеги Кудай үйүн жасалгалоону салган,

28 мага падышанын, анын кеңешчилеринин, анын бардык күч-кубаттуу төрөлөрүнүн ырайымын бурган ата-бабаларыбыздын Кудай-Теңирине алкыш! Ошондо мен кайраттандым, анткени Кудай-Теңиримдин колу менин үстүмдө эле. Ошондуктан мени менен барышсын деп, Ысрайылдын уруу башчыларын чогулттум.

## 8-БӨЛҮМ

### Туткундан келген кишилердин тизмеси

1 Падыша Артакшаштанын падышачылыгында, мени менен Бабылдан чыккан уруу башчылары булар. Алардын санжырасы:

2 Пинехас уулдарынан Гейиршом; Итамар уулдарынан Даниел; Дөөт уулдарынан Хатуш;

3 Шехания уулдарынан, Пароштун уулдарынан Захария жана анын санжырасына кирген жүз элүү эркек;

4 Пахат-Маап уулдарынан Зерахиянын баласы Элийонай жана аны менен кошо эки жүз эркек;

5 Шехания уулдарынан Жахазиелдин баласы, аны менен кошо үч жүз эркек;

6 Адын уулдарынан Эбед, Жонатандын баласы, аны менен кошо элүү эркек;

7 Эйлам уулдарынан Жешая, Аталеянын баласы, аны менен кошо жетимиш эркек;

8 Шепатия уулдарынан Зебадия, Михаелдин баласы, аны менен кошо сексен эркек;

9 Жойап уулдарынан Обадия, Жехиелдин баласы, аны менен кошо эки жүз он сегиз эркек;

10 Шеломит уулдарынан Жосипиянын баласы, аны менен кошо жүз алтымыш эркек;

11 Бейбай уулдарынан Захария, Бейбайдын баласы, аны менен кошо жыйырма сегиз эркек;

12 Азгат уулдарынан Жоханан, Акатандын баласы, аны менен кошо жүз он эркек;

13 Адонукамдын акыркы уулдарынан: Элипелет, Жейел, Шемая, алар менен кошо алтымыш эркек;

14 Бикбайдын уулдарынан Утай менен Закур, алар менен кошо жетимиш эркек;

**Эзранын лебилерди кызматка чакырышы**

15 Мен аларды Агапка келип куйган дарыянын жээгине чогулттум. Ал жерде үч күн турдук. Мен элди жана ыйык кызмат кылуучуларды карап чыкканда, Леби уулдарынан эч кимди таппадым.

16 Ошондо мен алардын башчылары: Элиезерди, Ариелди, Шемаяны, Элнатанды, Жарипти, Элнатанды, Натанды, Захарияны, Мешуламды, ошондой эле окутуучулар: Жойарип менен Элнатанды чакыртууга киши жөнөттүм.

17 Аларды Касипия жеринин башчысы Идого тапшырма менен жибердим, биздин Кудайыбыздын үйүнө кызматчыларды алып келиш үчүн, Идого жана анын бир туугандарына, Касипия жериндеги нетиндерге эмне айтууну айтып бердим.

18 Кудайыбыздын жакшылык кылуучу колу биздин үстүбүздө тургандыктан, алар бизге Ысрайыл уулу Лебинин, Леби уулу Махлинин уулдарынан чыккан бир акылдуу адамды, атап айтканда, Шейребияны жана анын уулдары менен бир туугандарынан он сегиз кишини,

19 Мераринин уулдарынан Хашабияны, аны менен бирге Жешаяны жана анын бир туугандары менен уулдарынан жыйырма кишини,

20 Дөөт менен анын төрөлөрү лебилерге кызмат кылууга беришкен нетиндерден эки жүз жыйырма нетинди алып келишти; алардын бардыгынын аттары аталды.

**Агап дарыясынын жанында орозо менен сыйынууну жарыялоо**

21 Анан Кудайыбыздын алдында моюн сунуп, өзүбүз үчүн да, балдарыбыз үчүн да, мал-мүлкүбүз үчүн да Андан ак жол суроо үчүн, Агап дарыясынын боюнда орозо жарыяладым.

22 Анткени бизди жолдо душмандардан сакташ үчүн, мен падышадан аскерлерди жана атчан аскерлерди сурагандан уялдым. Биз падыша менен сүйлөшкөндө: «Кудайдын жакшылык кылуучу колу Өзүнө жардам сурап кайрылгандардын үстүндө, ал эми кудурети менен каары андан четтеп кеткендердин үстүндө!» – деген элек.

23 Ошентип, биз орозо кармап, Кудайдан ушуну жалынып сурадык, Ал биздин үнүбүздү укту.

**Ийбадатканага арналган курмандыктар**

24 Анан мен башкы ыйык кызмат кылуучулардын ичинен он эки кишини: Шейребия менен Хашабияны, алар менен кошо алардын бир тууганданрынан он кишини бөлүп койдум.

25 Анан падыша менен анын кеңешчилеринин, төрөлөрүнүн жана ал жерде болгон бардык Ысрайыл элинин Кудайыбыздын үйүнө тартуулаган алтын-күмүштөрүн, идиштерин таразага тартып туруп, алардын колуна бердим.

26 Таразага тартып туруп, алардын колуна алты жүз элүү талант күмүш, жүз талант күмүш идиш, жүз талант алтын бердим.

27 Миң драхма турган жыйырма алтын чөйчөктү, алтынга тете бааланган, жаркырак жезден жасалган эки идишти тапшырдым.

28 Анан аларга мындай дедим: «Силер Теңирдин ыйык адамдарысыңар, ата-бабаларыбыздын Кудай-Теңирине чын жүрөктөн тартуулаган алтын-күмүштөр да, идиштер да ыйык.

29 Аларды Иерусалимдеги Ысрайыл уруу башчыларынын, ыйык кызмат кылуучулар менен лебилердин башында тургандардын колуна өткөрүп бермейинче, Кудай үйүнүн сактоочу жайларына тапшырмайынча абайлагыла, өтө сак болгула».

30 Ошондо ыйык кызмат кылуучулар менен лебилер Иерусалимдеги Кудайыбыздын үйүнө жеткириш үчүн, таразага тартылган алтын-күмүштөрдү, идиштерди кабыл алышты.

**Иерусалимге кайтып келүү**

31 Ошентип, биз Иерусалимге Агап дарыясынан биринчи айдын он экинчи күнү чыктык. Кудайыбыздын колу биздин үстүбүздө болду, Ал бизди душмандардын, жолубузду торогондордун колунан коргоп жүрдү.

32 Анан биз Иерусалимге келип, ал жерде үч күн болдук.

33 Төртүнчү күнү Кудайыбыздын үйүнө арналган алтын-күмүштөрдү, идиштерди таразага тартып, Урийдин уулу, ыйык кызмат кылуучу Меремоттун, лебилер Пинехастын уулу Элазардын, Жешуянын уулу Жозабаттын жана Бинуйдун уулу Ноядиянын колдоруна өткөрүп бердик.

34 Бардыгын таразага тартып, эсептеп тапшырдык. Ошол эле учурда таразага тартылгандардын баары жазылып жатты.

35 Туткундан кайткандар Ысрайыл Кудайына бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык чалыш үчүн, бүт Ысрайылдын күнөөсү үчүн он эки букачар, токсон алты кочкор, жетимиш жети козу, он эки теке алып келишти. Мунун баары Теңирдин бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыгына арналды.

36 Анан алар падышанын буйруктарын дарыянын наркы өйүзүндөгү дубан башчыларга, падышанын төрөлөрүнө беришти. Ошондо алар Кудайдын элине жана үйүнө урмат көрсөтүштү.

**9-БӨЛҮМ**

**Эзранын бөтөн элден аял алган жүйүттөр жөнүндө билиши**

1 Бул иштер бүткөндөн кийин, башчылар мага келип, мындай дешти: «Ысрайыл эли, ыйык кызмат кылуучулар, лебилер бөтөн элдердин: канаандыктардын, хеттиктердин, периздиктердин, жебустуктардын, амондуктардын, мааптыктардын, мисирликтердин, аморлуктардын жийиркеничтүү иштеринен арыла элек.

2 Анткени өздөрү да, уулдары да алардын кыздарынан алышты. Ыйык тукум бөтөн уруулар менен аралашып кетти. Кала берсе, эң атактууларынын, башчыларынын колдору биринчилерден болуп ушундай мыйзамсыз иштерге барды».

3 Мен бул сөздөрдү укканда, ич кийимимди да, тыш кийимимди да айрып, башымдагы чачымды, ээгимдеги сакалымды жулуп, кайгырып отурдум.

4 Ошондо туткундан кайткандардын кылмышынан улам Ысрайылдын Кудайынын сөзүнөн корккондордун баары мага чогулуп келишти. Мен кайгыга батып, кечки курмандык чалынуучу маалга чейин отурдум.

5 Кечки курмандык чалынуучу маалда кайгырып отурган жеримен туруп, айрылган ички, тышкы кийимчен чөгөлөп, Кудай-Теңириме колумду сунуп,

6 мындай деп жалындым: «Оо Кудайым! Сени карагандан уялып да, коркуп да жатам, Кудайым, анткени биздин мыйзамсыздыгыбыз башыбыздан ашты, биздин мыйзамсыз иштерибиз, кылган күнөөлөрүбүз асманга жетти.

7 Ата-бабаларыбыз жашаган күндөрдөн тартып бүгүнкү күнгө чейин биз абдан айыптуубуз. Мыйзамсыз иштерибиз үчүн биз да, падышаларыбыз да, ыйык кызмат кылуучуларыбыз да ушул күнгө чейин башка элдердин падышаларынын колуна салынып берилип, кылыч мизине, туткунга, талоонго, кордоого алынып келе жатабыз.

8 Мына, Кудай-Теңирибиз бизге бир азга ырайым көрсөттү, кээ бирөөбүздү туткундан аман алып чыкты, Анын ыйык жеринде турууга ырайым кылды, Кудайыбыз көзүбүздү ачып, кулчулукта жүргөндө бир аз жандanuuга мүмкүндүк берди.

9 Биз кулдарбыз, бирок Кудайыбыз бизди кулдукта жүргөндө да калтырган жок. Ал бизге Персия падышаларынан ырайым таптырды, ошондо алар бизге жанданууга, кыйрап калган Кудайдын үйүн курууга, кайра калыбына келтирүүгө мүмкүндүк беришти, Жүйүт аймагы менен Иерусалимде жашап турганда бизге калканыч болушту.

10 Кудайыбыз, эми биз Сага ушундан кийин эмне деп айта алабыз? Анткени биз Сенин кулдарың, пайгамбарларың аркылуу:

11 “Силер ээлеш үчүн бара жаткан жер таза эмес, ал жер бөтөн элдердин таза эмес иштери менен булганып калган, алар өздөрүнүн жийиркеничтүү иштери менен ал жерди башынан аягына чейин толтуруп салышкан.

12 Ошондуктан силер кыздарыңарды алардын уулдарына бербегиле, алардын кыздарын силердин уулдарыңар албасын, ал жерге отурукташыш үчүн, ал жердин түшүмү менен азыктаныш үчүн, укум-тукумуңарга түбөлүккө мурас калтырыш үчүн, аларга тынчтык да, ийгилик да каалабагыла”, – деп айткан осуятыңдан четтеп кеттик.

13 Өзүбүздүн жаман иштерибиз үчүн, көп күнөөбүз үчүн тарткан азабыбыздан кийин да, Сен, Кудайыбыз, бизди мыйзамсыз иштерибиздин өлчөмүнө карабай аядың, бизди ушинтип куткарып алдың.

14 Биз кайра эле Сенин осуяттарыңды бузуп, бул жийиркеничтүү эл менен туугандаша беребизби? Анда Сен каарданып, бизди кырып саласың, ошондо бизден ким тирүү калат, бизди ким куткарып алат?

15 Оо Теңир, Ысрайылдын Кудайы! Бир Өзүң адилетсиң! Анткени биз ушул күнгө чейин жашап келе жатабыз. Мыйзамсыз иштерибиз менен Сенин алдыңда турууга акыбыз жок болсо да, Сенин алдыңда турабыз».

## 10-БӨЛҮМ

### Бөтөн элден аял алуу жөнүндөгү суроонун чечилиши

1 Эзра Кудай үйүнүн алдында жыгылып, күнөөлөрүн мойнуна алып ыйлап, ушинтип сыйынып жатканда, жанына Ысрайыл элинен эң көп эл – эркектер, аялдар, балдар чогулуп калды, анткени эл да катуу ыйлап турган эле.

2 Ошондо Эйлам уулдарынан Жехиелдин баласы Шехания Эзрага мындай деп айтты: «Биз башка элдердин кыздарынан аял алып, Кудайыбыздын алдында күнөө кылганбыз, бирок Ысрайылдын бул ишти оңдойбуз деген үмүтү бар.

3 Эми Кудайыбыз менен келишим түзөлү, мырзамдын жана Кудайыбыздын осуяттарынан корккондордун кеңеши боюнча аялдарыбызды алардан туулган балдарыбыз менен кошо коё берели, бул мыйзам боюнча болсун!

4 Тур, анткени бул сенин ишиң, биз сени мененбиз, кайраттан, ишке кириш!»

5 Ошондо Эзра турду да, бардык ыйык кызмат кылуучуларды, лебилерди жана бүткүл Ысрайыл элин башкаргандарды ошондой кылабыз деп ант берүүгө чакырды. Алар ант беришти.

6 Анан Эзра туруп, Кудай үйүнөн кетти да, Элийашип уулу Жохanандын үйүнө келди. Нан жебей, суу ичпей койду, анткени туткундан кайткандардын кылмышы үчүн кайгырып турду.

7 Анан мурдагы туткундардын бардыгын Иерусалимге чогултуш үчүн, Жүйүт аймагы менен Иерусалимге жарлык жарыялашты.

8 Үч күндүн ичинде ким келбей турган болсо, ал башкаруучулардын жана уруу аксакалдарынын чечими менен турак жайынан ажырайт, өзү болсо туткундан келгендердин жамаатынан четтетилет.

9 Ошондо Жүйүт менен Бенжемин жеринде жашаган бардык эл үч күн ичинде Иерусалимге чогулду. Бул тогузунчу айдын жыйырманчы күнү болду. Бардык эл Кудай үйүнүн алдындагы аянтта ушул иштен улам жана жамгырдан титиреп отурду.

10 Анан ыйык кызмат кылуучу Эзра ордунан туруп, аларга мындай деди: «Силер бөтөн элдерден аял алып, кылмыш кылдыңар, ошону менен Ысрайылдын күнөөсүн көбөйтүп жибердиңер.

11 Ошондуктан ата-бабаларыңардын Кудай-Теңиринин алдында ушул үчүн өкүнүп, кечирим сурагыла да, Анын эркин аткаргыла. Бөтөн элдерден, башка уруулардан алган аялдарыңардан бөлүнгүлө».

12 Ошондо бүт эл катуу үн менен мындай деп жооп берди: «Сен кандай десең, биз ошондой кылабыз.

13 Бирок эл көп, жамгыр да жаап турат, сыртта турганга мүмкүн эмес. Анын үстүнө, бул иш бир же эки күндүк иш эмес, анткени биз бул иште өтө көп күнөөгө баттык.

14 Биздин башчылар бүт жамаат үчүн чечим чыгарышсын, биздин шаарлардагы бөтөн элдерден аял алгандардын баары өз шаарларынын башкаруучулары, аксакалдары менен бул жерге белгиленген убакта келип турсун, ошондо Кудай бул иш үчүн каарданганын токтотот».

15 Ошондо Асаел уулу Жонатан, Тикпа уулу Жахзея бул иштин башында турду, аларга Мешулам менен леби Шаптай жардамчы болду.

16 Туткундан кайткандар так ошондой кылышты. Буга ыйык кызмат кылуучу Эзра, ар бир уруунун уруу башчылары бөлүнүп, аттары аталды. Бул ишти иликтеп-изилдеш үчүн, алар онунчу айдын биринчи күнү кеңешме курушту.

17 Бөтөн элдерден аял алгандарды изилдөө иши биринчи айдын биринчи күнү бүттү.

**Бөтөн элдерден аял алган Жүйүт уулдары**

18 Ошондо бөтөн элдерден аял алган ыйык кызмат кылуучулардын уулдары булар деп табылды: Жотсадак уулу Жешуянын балдары менен бир туугандарынан: Маасея, Элиезер, Жарип жана Гедалия.

19 Алар аялдарын коё берүүгө, күнөөлөрү үчүн, айыптары үчүн курмандыкка кочкор чалууга кол берип убада кылышты.

20 Имердин уулдарынан: Ханани менен Зебадия;

21 Харимдин уулдарынан: Маасея, Эйлия, Шемая, Жехиел жана Узия;

22 Пашкурдун уулдарынан: Элийойнай, Маасея, Ысмайыл, Натанаел, Жозабат, Элаcа;

23 Лебилерден: Жозабат, Шимей, Кейлая (Келита), Петахия, Жүйүт, Элиезер;

24 Ырчылардан: Элийашип; дарбазачылардан: Шалум, Телем, Ури;

25 Ысрайылдыктардан: Пароштун уулдарынан: Рамия, Жизия, Малкия, Миямин, Элазар, Малкия, Беная;

26 Эйламдын уулдарынан: Матания, Захария, Жехиел, Абды, Жереймот, Эйлия;

27 Затунун уулдарынан: Элийойнай, Элийашип, Матания, Жереймот, Забат, Азиза;

28 Бейбайдын уулдарынан: Жоханан, Ханания, Забай, Аплай;

29 Банинин уулдарынан: Мешулам, Малух, Адая, Жашуп, Шейал, Жереймот;

30 Пахат-Мааптын уулдарынан: Адна, Келал, Беная, Маасея, Матания, Бетселел, Бинуй, Менаше;

31 Харимдин уулдарынан: Элиезер, Жишия, Малкия, Шемая, Шымон;

32 Бенжемин, Малух, Шемария;

33 Хашумдун уулдарынан: Матнай, Матата, Забат, Элипелет, Жеремай, Менаше, Шимей.

34 Банинин уулдарынан: Маадай, Амрам, Уел,

35 Беная, Бейдей, Келуу,

36 Беная, Меремот, Элийашип,

37 Матания, Матнай, Жишия,

38 Бани, Бинуй, Шимей,

39 Шелемия, Натан, Адая,

40 Махнадбай, Шашай, Шарай,

41 Азарел, Шелемия, Шемария,

42 Шалум, Амария, Жусуп;

43 Небонун уулдарынан: Жейел, Матития, Забат, Зебина, Жадай, Жоел, Беная.

44 Мына ушулардын баары – бөтөн элдерден аял алгандар. Булардын айрымдарынын аялдары бала төрөп беришкен.

**НЕКЕМИЯ**

**1-БӨЛҮМ**

**Некемиянын Иерусалим үчүн кайгыруусу**

1 Ахалиянын уулу Некемиянын сөзү. Артакшаштанын падышачылыгынын жыйырманчы жылында, Кислеп айында мен борбор шаар Шушанда элем.

2 Менин бир туугандарымдын бири Ханани бир топ киши менен Жүйүт аймагынан келди. Мен алардан туткундан аман калган жүйүт эли тууралуу, Иерусалим тууралуу сурадым.

3 Алар мага: «Туткундан аман калгандар ошол жерде, өз жеринде жашап жатышат. Алардын башына өтө оор күн түшүп, кордук көрүп жатышат. Иерусалимдин дубалдары уратылган, дарбазалары өрттөлгөн», – дешти.

4 Бул сөздөрдү укканда, отуруп алып ыйладым, бир нече күн кайгыга батып жүрдүм. Анан асмандагы Кудайдын алдында орозо кармап, сыйынып,

5 мындай дедим: «Оо Теңир, асмандагы Кудай, Өзүнүн келишимин бек сактаган, Өзүн сүйгөндөргө жана осуяттарын аткаргандарга ырайым кылган улуу жана коркунучтуу Кудай!

6 Өзүңдүн кулуңдун сыйынуусун уга көр, көз кырыңды сала көр. Мен азыр Сенин алдыңда күнү-түнү Сенин кулдарың – Ысрайыл уулдары үчүн, Сенин алдыңда биздин, Ысрайыл уулдарынын кылган күнөөлөрү үчүн, өзүмдүн да, атамдын тукумунун да күнөөлөрү үчүн сыйынып жатам.

7 Биз Өз кулуң Мусага берген осуяттарыңды, мыйзамдарыңды, буйруктарыңды аткарбай, Сенин алдыңда кылмышкер болдук.

8 Бирок Өз кулуң Мусага: "Эгерде силер ишенимсиз болсоңор, анда Мен силерди эл арасына чачыратып жиберем.

9 Эгерде Мага кайрылсаңар, Менин осуяттарымды сактап, аларды аткара турган болсоңор, анда жердин түбүнө чейин куулсаңар да, силерди ошол жактан чогултуп, Өзүмдүн ысымымды орнотуш үчүн, Өзүм тандап алган жерге алып келем", – деп осуяттаган сөзүңдү эсте.

10 Алар Өзүңдүн улуу күч-кубатың, кудуреттүү колдоруң менен куткарган Өз элиң, Өз кулдарың эмеспи.

11 Оо Теңир, жалынам Сага! Өз кулуңдун сыйынуусуна жана Сенин атыңдын алдында коркуп турууну сүйгөн Өз кулдарыңдын сыйынуусуна кулак сала көр, Теңир! Эми Өз кулуңду колдой көр, аны мына бул адамдын ырайымына ээ кыла көр». Мен ошол убакта падышанын шарап сунуучусу элем.

**2-БӨЛҮМ**

**Некемиянын Иерусалимге кайтып келиши**

1 Нисан айында, Артакшаштанын падышачылыгынын жыйырманчы жылында, падышанын алдына шарап тартылды. Мен ал шарапты алып, падышага сундум. Адатта, мен анын алдында капалуу болуп турчу эмесмин.

2 Бирок падыша мага: «Эмне үчүн капалуусуң? Ооруп жатасың дейин десем, оорубай эле турасың, бирок жүрөгүңдү бир нерсе өйүп турса керек?» – деди. Ошондо мен абдан коркуп кетип,

3 падышага: «Падышам кылымдан кылымга жашасын! Ата-бабаларымдын сөөгү коюлган шаар кыйрап, дарбазалары өрттөнүп жатса, кантип капа болбойм!» – дедим.

4 Ошондо падыша мага: «Каалаганың эмне?» – деди. Мен асмандагы Кудайга сыйынып,

5 падышага: «Эгерде падышам ылайык көрсө, эгерде өзүңдүн алдыңдагы кулуңа ырайым кылгың келсе, мени Жүйүт аймагына, ата-бабаларымдын сөөгү коюлган шаарга жибер, мен ал шаарды кайра курайын», – дедим.

6 Ошондо падыша жана анын жанында отурган падышанын аялы менден: «Канча убакыт жол жүрөсүң, кайра качан кайтасың?» – деп сурашты. Мен бир убакытты белгилегенден кийин, падыша мени жиберүүнү туура көрдү.

7 Анан мен падышага мындай дедим: «Эгерде падышам туура көрсө, Жүйүт аймагына бара жатканымда дарыянын наркы өйүзүндөгү дубан башчылар өз жеринен өтүүмө уруксат берип турушу үчүн, аларга кат жазып берсе экен.

8 Падышанын токойлорун кайтарган Асапка да кат берсе экен, ал Кудай үйүнүн тегерегиндеги чептин дарбазасы үчүн, шаар дубалдары үчүн жана мен тура турган үй үчүн карагай берсин». Кудайдын жакшылык кылуучу колу менин үстүмдө тургандыктан, падыша мага сураганымды берди.

9 Мен дарыянын наркы өйүзүндөгү дубан башчыларга келип, падышанын каттарын бердим. Падыша мени менен кошо аскер башчыларды жана атчан аскерлерди жиберген эле.

10 Хорондук Санбалат менен амондук кул Тобия Ысрайыл уулдарынын жыргалчылыгы үчүн кам көргөнү бир адам келгендигин укканда, абдан ачууланышты.

11 Анан мен Иерусалимге келдим. Ал жерге келгениме үч күн болгондо,

12 түн ичинде ордумдан турдум. Жанымда бир нече киши бар эле. Бирок Иерусалим үчүн иштөөнү жүрөгүмө Кудайым салганын эч кимге айткан жокмун. Өзүм минип келген жаныбардан башка жанымда эч кандай жаныбар жок эле.

13 Түнү менен Ажыдаар башатынын алдындагы Өрөөн дарбазасынан өтүп, Кык дарбазасына чейин келип, Иерусалимдин кыйраган дубалдары менен өрттөлгөн дарбазаларын карап чыктым.

14 Анан Башат дарбазасы менен падыша көлмөсүнө келдим, бирок ал жерде астымдагы жаныбар өтө турган жер жок болгондуктан,

15 артыма кайрылып, коктуну өрдөп чыгып, дубалдарды байкап көрдүм, анан кайра Өрөөн дарбазасынан өтүп, кайрылып келдим.

16 Мен кайда барып, эмне кылып жүргөнүмдү башчылар билишкен жок: жүйүттөргө да, ыйык кызмат кылуучуларга да, атактуу адамдарга да, башчыларга да, башка жумуш башчыларга да мен буга чейин эч нерсе ачкан эмесмин.

17 Мен аларга мындай деп айттым: «Силер биздин башыбызга түшкөн кырсыкты көрүп турасыңар. Иерусалим кыйрады, дарбазалары өрттөлдү, жүргүлө, Иерусалим дубалдарын тургузалы, ошондо мындан ары мындай кордукту көрбөйбүз».

18 Анан мен аларга Кудайдын мага жакшылык кылган колу тууралуу, падышанын мага айткан сөздөрү тууралуу айтып бердим. Ошондо алар: «Курабыз», – дешип, жакшы ишти баштоого бел байлашты.

19 Муну уккан хорондук Санбалат, амондук кул Тобия жана аравиялык Гешем бизди шылдыңдап, жек көрүү менен: «Эмне иш кылганы жатасыңар? Падышага каршы чыкканы жатасыңарбы?» – дешти.

20 Ошондо мен аларга жооп кылып: «Бизди асмандагы Кудай Өзү колдойт, биз болсо, Анын кулдары, шаарды курабыз. Ал эми силердин Иерусалимде үлүшүңөр да, укугуңар да, атыңар да жок», – дедим.

**3-БӨЛҮМ**

**Иерусалим дубалынын калыбына келтирилиши**

1 Башкы ыйык кызмат кылуучу Элийашип ыйык кызмат кылуучу бир туугандары менен ордунан туруп, Кой дарбазасын курду. Алар аны ыйыктап, эшиктерин орнотушту, аны Мея мунарасынан Хананел мунарасына чейин ыйыкташты.

2 Анын жанында жерихолуктар куруп жатышты, алардын жанында Имри уулу Закур куруп жатты.

3 Балык дарбазасын Сенаа тукуму тургузду, алар эшиктин кашектерин орнотуп, анын эшиктерин, кулпуларын, бекиткичтерин салышты.

4 Алардын жанында дубалды Урийдин уулу Меремот оңдоп жатты. Урий Акостун уулу эле. Алардын жанында Берекиянын уулу Мешулам оңдоп жатты. Берекия Мешейзабелдин уулу эле. Алардын жанында Баананын уулу Садок оңдоп жатты.

5 Алардын жанында текоялыктар иштеп жатышты. Бирок алардын атактуу адамдары өз мырзалары үчүн иштөөгө моюн сунушкан жок.

6 Эски дарбазаны Пасейах уулу Жойада жана Бесодия уулу Мешулам оңдоп жатты, алар эшиктин кашектерин орнотуп, анын эшиктерин, кулпуларын, бекиткичтерин салышты.

7 Алардын жанында дарыянын наркы өйүзүндөгү дубан башчынын бийлиги астындагы гибондук Мелатия, мейрондук Жадон Гибон жана Миспе тургундары менен бирге оңдоп жатты.

8 Анын жанында Харая уулу Узиел зергер оңдоп жатты. Анын жанында Гарахаким уулу Ханания оңдоп жатты. Алар Иерусалимди жазы дубалга чейин калыбына келтиришти.

9 Алардын жанында Иерусалимдин жарым аймагын башкарган Хур уулу Репая оңдоп жатты.

10 Алардын жанында жана өз үйүнүн маңдайында Харумап уулу Жедая оңдоп жатты. Анын жанында Хашабнея уулу Хатуш оңдоп жатты.

11 Кийинки бөлүгүн Харим уулу Малкия менен Пахат-Маап уулу Хашуп оңдоп жатты. Алар Меш мунарасын да оңдоп жатышты.

12 Алардын жанында Иерусалимдин жарым дубанын башкарган Алокеш уулу Шалум кыздары менен оңдоп жатты.

13 Өрөөн дарбазасын Заноах тургундары менен Ханун оңдоп жатты. Алар дарбазаны орнотуп, эшиктерин коюп, кулпуларын салып, бекиткичтерин бекитишти. Алар дагы Кык дарбазасына чейин миң чыканак дубалды оңдошту.

14 Ал эми Кык дарбазасын Бейт-Акерем дубанынын башчысы Рейхап уулу Малкия оңдоду. Ал аны орнотуп, эшиктерин коюп, кулпуларын салып, бекиткичтерин бекитти.

15 Булак дарбазасын Миспе дубанынын башчысы Кол-Хозенин уулу Шалун оңдоп жатты. Ал дарбазаны орнотуп, үстүн жаап, эшиктерин коюп, кулпуларын салып, бекиткичтерин бекитти. Ал ошондой эле падыша багынын каршысындагы Селах көлмөсүнүн жанындагы дубалды Дөөттүн шаарынан ылдый түшкөн тепкичтерге чейин оңдоду.

16 Андан кийинки бөлүктү Бейт-Сур жарым дубанынын башчысы Азбык уулу Некемия Дөөттүн мүрзөсүнө, казылган көлмөгө жана баатырлардын үйлөрүнө чейин оңдоду.

**Дубалды курууга катышкан лебилер**

17 Андан кийинки бөлүктү лебилер: Бани уулу Рехум оңдоп жатты. Андан кийинки бөлүктү Кеила жарым дубанынын башчысы Хашабия өз дубаны үчүн оңдоп жатты.

18 Андан кийинки бөлүктү алардын бир туугандары: Кеила жарым дубанынын башчысы Хейнадат уулу Бабай оңдоп жатты.

19 Анын жанында, кийинки бөлүктү, бурчтагы курал кампага чыга бериштин каршысындагы дубалды Миспе башчысы Жешуя уулу Эйзер оңдоп жатты.

20 Андан кийинки бөлүктү, дубалдын кийинки бөлүгүн, бурчтан башкы ыйык кызмат кылуучу Элийашиптин үйүнүн эшигине чейин Запкай уулу Барух тырышып оңдоп жатты.

21 Андан кийинки бөлүктү, Элийашиптин үйүнүн эшигинен үйүнүн аягына чейин Урий уулу Меремот оңдоп жатты. Урий – Акостун уулу.

**Дубалды курууга катышкан ыйык кызмат кылуучулар**

22 Андан кийинки бөлүктү Иордандын тегерегинде жашаган ыйык кызмат кылуучулар оңдоп жатышты.

23 Андан кийинки бөлүктү, өз үйүнүн каршысында Хашуп менен Бенжемин оңдоп жатты, андан кийинки бөлүктү, өз үйүнүн каршысында Анания уулу, Маасея уулу Азария оңдоп жатты.

24 Андан кийинки бөлүктү, Азариянын үйүнөн бурчка чейин, бурулушка чейин Хейнадат уулу Бинуй оңдоп жатты.

25 Андан кийинки бөлүктү, зындан короосундагы падышанын үстүнкү үйүнөн чыгып турган мунара менен бурчтун каршысын Узай уулу Палал оңдоп жатты. Андан кийинки бөлүктү Парош уулу Педая оңдоп жатты.

26 Опелде турган нетиндер болсо Суу дарбазасынын чыгыш тарабынын каршысындагы дубалды дарбазанын жанындагы мунарага чейин оңдоп жатышты.

**Калган куруучулар**

27 Андан кийинки бөлүктү, чоң мунаранын каршысынан Опел дубалына чейин текоялыктар оңдоп жатышты.

28 Жылкы дарбазасынан нары ыйык кызмат кылуучулардын ар бири өз үйүнүн тушун оңдоп жатты.

29 Андан кийинки бөлүктү Имер уулу Садок өз үйүнүн тушун оңдоп жатты. Андан кийинки бөлүктү чыгыш дарбазаларынын сакчысы Шехания уулу Шемая оңдоп жатты.

30 Андан кийинки бөлүктү Шелемия уулу Ханания менен Салаптын алтынчы уулу Ханун оңдоп жатты. Андан кийинки бөлүктү, Берекия уулу Мешулам өз бөлмөсүнүн тушун оңдоп жатты.

31 Андан кийинки бөлүктү, Хамикат дарбазасынын каршысындагы нетиндер менен соодагерлердин үйүнө чейин жана бурчтагы турак жайга чейин Хатсорпий уулу Малкия оңдоп жатты.

32 Ал эми бурчтагы турак жай менен Кой дарбазасына чейинки бөлүктү зергерлер менен соодагерлер оңдоп жатышты.

**4-БӨЛҮМ**

**Некемиянын сыйынуулары**

1 Санбалат дубалды куруп жатканыбызды укканда, ачуусу келип, кыжырланып, жүйүттөрдү шылдыңдады.

2 Ал өз бир туугандарынын алдында жана самариялык аскер адамдарынын алдында мындай деди: «Бул байкуш жүйүттөр эмне кылып жатышат? Аларга ушуну курганга жол берилмек беле? Алар курмандык чалабыз деп жатышабы? Бир күнү бүтүрөбүз деп жатышабы? Үйүлгөн топурактан таштарды кайра тургуза алышмак беле? Анан калса, күйүп калган таштарды кайра тургуза алышмак беле?»

3 Жанында турган амондук Тобия болсо мындай деди: «Кура беришсин, түлкү секирип чыкса эле, булардын таш дубалдары талкаланат».

4 «Оо Кудайыбыз, кандай жек көрүндү абалда турганыбызды уга көр! Булардын шылдыңын өз баштарына сал, буларды туткун болуп барган жеринде жек көрүндү кыл.

5 Булардын мыйзамсыз иштерин жаап койбо, Сенин алдыңда булардын күнөөлөрү жуулбасын, анткени булар курулушта иштеп жаткандарды капа кылышты».

6 Бирок биз дубалды тургуза бердик. Ошентип, дубалды жарымына чейин көтөрүп койдук. Анткени элдин иштегенге каалоосу бар эле.

7 Иерусалимдин дубалы калыбына келтирилип жатканын, бузулган жерлери оңдолуп жатканын укканда, Санбалат да, Тобия да, аравиялыктар да, амондуктар да, азоттуктар да абдан ачууланышты.

8 Анан алар Иерусалим менен согушууга, дубалдарын талкалап салууга бирге барууну макулдашышты.

9 Биз болсо Кудайыбызга сыйындык. Булардан сактаныш үчүн, күнү-түнү күзөтчүлөрдү койдук.

10 Бирок жүйүттөр: «Жүк ташуучулар чарчап калышты, ал эми урандылар өтө көп. Дубалды кура албайбыз», – дешти.

11 Душмандарыбыз болсо: «Булардын ортосуна кирип барабыз да, талкалайбыз, иштерин токтотобуз, алар биздин капыстан киргенибизди билбей да, көрбөй да калышат», – деп ойлоп жатышты.

12 Алардын жанында жашаган жүйүттөр келишип, бизге душмандар ар кайсы жактан кол саларын он жолу айтканда,

13 мен дубалдын ары жагына, ойдуң жана ачык жерлерге элди кылыч, найза, жаа менен куралдантып, урууруусу боюнча койдум.

14 Анан мен аларды карап чыгып, атактуу адамдарга, башчыларга жана элге: «Душмандан коркпогула. Улуу, коркунучтуу Теңириңерди эстегиле, өз бир туугандарыңар үчүн, өз уулдарыңар үчүн, өз кыздарыңар үчүн, өз аялдарыңар үчүн, өз жайыңар үчүн салгылашкыла», – деп айттым.

15 Душмандарыбыз өздөрүнүн арам ойлору бизге белгилүү болуп калганын угушту, Кудай алардын арам ниетин талкалады. Ошондо биз дубалга кайра келип, ар кимибиз өз жумушубузга кириштик.

16 Ошол күндөн тартып менин жаш жигиттеримдин жарымы жумушта болду, жарымы найза, калкан, жаа, соот кармап турду, аскер башчылар жүйүт элинин артында болушту.

17 Дубал тургузуп жаткандар, жүк ташуучулар бир колу менен иш кылып, экинчи колуна найза кармап жүрүштү.

18 Ар бир куруучу белине кылычын байлап иштеп жатты. Ал эми менин жанымда сурнайчы турду.

19 Анан мен атактуу адамдарга, башчыларга жана калган элге мындай дедим: «Жумуш көп, жумуш чоң, биз дубалдын аяк-башында жүрөбүз, арабыз алыс.

20 Ошондуктан силер сурнай үнүн кайсы жерден уксаңар, ошол жерге чогулуп, бизге келгиле. Биз үчүн Кудайыбыз Өзү күрөшөт».

21 Биз жумушту ушундай аткардык. Таң сүргөндөн жылдыз чыкканга чейин жарымыбыз найза кармап турдук.

22 Мындан тышкары, Иерусалимде бардыгы өз кулдары менен бирге түнөсүн дедим. Алар түнкүсүн күзөттө турушат да, күндүз иштешет.

23 Өзүм да, бир туугандарым да, кишилерим да, кайтарган сакчыларым да кийимибизди чеччү эмеспиз. Сууга барганда да, ар бирибиз кылыч алып жүрчүбүз.

**5-БӨЛҮМ**

**Жардылардын кысымга алынышы**

1 Ошондо эркектердин жана алардын аялдарынын арасында өздөрүнүн бир туугандары болгон жүйүттөргө каршы катуу нааразычылык туулду.

2 Алардын арасында: «Биз көппүз, уулдарыбыз менен кыздарыбыз да көп. Биз нан таап, ичип-жеп жашагыбыз келет», – деп айткандар да болду.

3 «Ачарчылыкта нан табыш үчүн, талаалар менен жүзүмзарларыбызды жана үйлөрүбүздү күрөөгө коюп жатабыз», – деп айткандар да болду.

4 «Падышага салык төлөө үчүн, биз эгин талааларыбыз менен жүзүмзарларыбызды күрөөгө коюп, карызга күмүш алып жатабыз.

5 Бир туугандарыбыздын денеси кандай болсо, биздин денебиз да ошондой, алардын балдары кандай болсо, биздин балдарыбыз да ошондой. Бирок биз уулдарыбыз менен кыздарыбызды кулдукка беришибиз керек, кыздарыбыздан күң болгондор да бар. Кун төлөп кайрып алууга колубузда эч кандай каражат жок. Биздин эгин талааларыбыз да, жүзүмзарларыбыз да бирөөлөрдүн колунда», – деп айткандар да болду.

6 Мен алардын нааразылыгын, ушундай сөздөрүн укканда, абдан ачууландым.

7 Бул жөнүндө ойлонуп, атактууларга жана башчыларга: «Өз бир туугандарыңардан үстөк алып жатасыңар», – деп катуу айттым. Аларга каршы жамаат чогулттум.

8 Анан аларга: «Жат элдерге сатылып кеткен жүйүт бир туугандарыбызды күчүбүздүн жетишинче кун төлөп куткарып алдык. Силер болсо өз бир туугандарыңарды сатып жатасыңар, алар бизге сатылышы үчүн ушундай кылып жатасыңар», – дедим. Алар үндөбөй, жооп таба албай калышты.

9 Ошондо мен мындай дедим: «Бул кылганыңар жакшы эмес. Бизге душман болгон элдерге шылдың болбош үчүн, Кудайыбыздан корксоңор болбойбу?

10 Мен да, бир туугандарым да, мага кызмат кылгандар да аларга карызга күмүш жана эгин бергенбиз. Бул карыздарды кечип коёлу.

11 Силер алардын эгин талааларын, жүзүмзарлары менен зайтун бактарын, үй-жайларын азыр эле кайтарып бергиле. Карызга берген күмүшүңөрдүн, дан-эгиндериңердин, шараптарыңардын, май азыктарыңардын үстөгүн алып таштагыла».

12 Ошондо алар: «Кайтарып беребиз, алардан эч нерсе талап кылбайбыз. Сен айткандай кылабыз», – дешти. Анан мен ыйык кызмат кылуучуларды чакырып, аларга ушундай кылабыз деп ант берүүнү буйрудум.

13 Анан мен кийимимди силкип көрсөтүп: «Сөзүнө турбаган ар бир кишини Кудай мына ушундай кылып силкип салсын, ал өз үйүнөн, өз мүлкүнөн ажырап, куру жалак калсын!» – дедим. Ошондо бүт эл: «Оомийин!» – деди. Анан Кудайды даңазалады. Эл айтылган сөздү так аткарды.

**Некемиянын керт башынын кызыкчылыгын ойлобогондугу**

14 Ошондой эле Артакшаштанын падышачылыгынын жыйырманчы жылынан отуз экинчи жылына чейин, мен Жүйүт жеринде он эки жыл дубан башчы болуп турганымда өзүм да, бир туугандарым да дубан башчылыктын нанын жеген жокпуз.

15 Ал эми мага чейин болгон мурдагы дубан башчылар элге оорчулук салып, кырк күмүш шекелден тышкары, алардан эгин да, шарап да алып турушкан. Атүгүл, алардын кызматчылары да элге үстөмдүк кылышкан. Мен болсо Кудайдан коркком дуктан, анткен жокмун.

16 Ошол эле учурда дубал куруу жумуштарын колдоп турдум. Биз талааларды сатып алган жокпуз. Менин кызматчыларымдын бардыгы чогулуп, ошол жерде иштешти.

17 Чет-жакадан келген элден тышкары, жүйүттөр менен башчылардан жүз элүү киши дасторконумдан тамактанып турду.

18 Бир күндүк тамакка бир бука, бордолгон алты кой, ар кандай канаттуулар даярдалчу. Он күндө бир жолу шараптын ар кыл түрлөрү дасторконго коюлчу. Ушундай болсо да дубан башчылыктын энчисин талап кылбадым, анткени элдин жумушу абдан оор эле.

19 Оо Кудайым, мага жакшы болушу үчүн, бул элге кылган бардык кызматымды унутпа!

**6-БӨЛҮМ**

**Душмандардын Некемияга каршы айла-амалы**

1 Менин дубалды куруп бүткөнүм жана бузулган жерлердин оңдолуп бүткөнү Санбалаттын да, Тобиянын да, аравиялык Гешемдин да кулагына жетти. Бирок дарбазалардын эшиктерин коё элек болчумун.

2 Ошондо Санбалат менен Гешем мага киши жиберип: «Кел, Оно түздүгүндөгү бир кыштактан кездешели», – деп айттырышты. Алар мага кыянаттык кылууну ойлошту.

3 Бирок мен аларга элчилерди жөнөтүп: «Мен чоң иш менен алек болуп жатам, бара албайм. Эгер жумушумду таштап, силер менен жолугуша турган болсом, анда иш токтоп калат», – деп айттырдым.

4 Алар ушундай деп айттырып, мага төрт жолу киши жиберишти, мен аларга мурдагыдай эле жоопту бердим.

5 Ошондо Санбалат мага бешинчи ирет өз кызматчысын жөнөттү, колунда ачык кат бар экен.

6 Анда мындай деп жазылыптыр: «Эл арасында мындай сөздөр айтылып жүрөт, Гешем да айтып жатат: Сен да, жүйүттөр да бөлүнгөнү жаткан экенсиңер, алардын айтымына караганда, аларга падыша болом деп, дубалды куруп жатыптырсың.

7 Өзүң жөнүндө: "Жүйүт падышасы мына!" – деп жарыялатыш үчүн, Иерусалимге пайгамбарларды да коюптурсуң. Мындай сөздөр падышага да жетип калат. Ошондуктан сөзсүз кел, чогуу кеңешели».

8 Бирок мен ага киши жөнөтүп: «Сенин айткандарыңдын бири да болгон эмес. Сен муну өз акылың менен ойлоп тапкансың», – деп айттырдым.

9 Анткени алар: «Алардын ындыны өчүп, бул ишти аягына чыгара албай калышат», – деп, бизди коркутушкан. Бирок ошенткен сайын мен ого бетер кайраттандым.

10 Мен Мейтабел уулу болгон Делаянын уулу Шемаянын үйүнө келдим, ал эшиктерди бекитип: «Кудайдын үйүнө барып, ийбадаткананын ичине кирип, эшикти бекитип алалы. Анткени алар сени өлтүргөнү жатышат, алар сени өлтүрүү үчүн түндө келишет», – деди.

11 Бирок мен: «Мендей адам кантип качсын? Мендей адам тирүү калам деп, ийбадатканага кантип кирсин? Барбайм», – дедим.

12 Ал мага пайгамбардай сүйлөсө да, аны Кудай жибербегенин, аны Тобия менен Санбалат сатып алышканын билгем.

13 Анткени мени коркутуш үчүн, ушинтип күнөөгө батырыш үчүн, мени жаманатты кылып, мени жемелеп, куугунтукка алыш үчүн, аны сатып алышкан.

14 Оо Кудайым, Тобия менен Санбалаттын ушул иштерин унута көрбө, мени коркуткусу келген пайгамбар аял Ноядияны жана башка пайгамбарларды да унута көрбө!

**Дубалдын курулуп бүтүшү**

15 Дубал Элул айынын жыйырма бешинчи күнү, элүү эки күндө курулуп бүттү.

16 Бул тууралуу бүт душмандарыбыз укканда жана биздин тегерегибиздеги бүт элдер көргөндө, алар абдан коркуп калышты, бул ишти биздин Кудай кылганын билишти.

17 Бирок ошол күндөрү жүйүттөрдүн атактуу адамдары катты көп жазып, Тобияга жөнөтүп турушту, Тобиядан да аларга кат келип жатты.

18 Анткени Жүйүт аймагындагы көп адамдар ага ант беришип, бир келишимде болушту, себеби ал Арах уулу Шеханиянын күйөө баласы эле. Анын уулу Жоханан Берехия уулу Мешуламдын кызын алган.

19 Атүгүл, менин көзүмчө анын кең пейилдигин кеп кылышчу, менин сөздөрүм да ага жеткирилип турчу. Тобия мени коркутуш үчүн, кат жөнөтүп турду.

**7-БӨЛҮМ**

1 Дубал курулуп, эшиктери салынып, кызмат кыла турган дарбазачылар, ырчылар жана лебилер өз кызматтарына коюлуп бүткөн соң,

2 мен бир тууганым Хананиге жана Иерусалим чебинин башчысы Хананияга буйрук бердим. Анткени ал башкаларга караганда Кудайдан корккон, ишенимдүү адам эле.

3 Анан мен аларга мындай дедим: «Дарбазачылар күн жылыганча Иерусалим дарбазаларын ачышпасын, эшиктерди күн бата электе жаап, бекитип салышсын». Ошентип, Иерусалим тургундарын күзөткө койдум, ар бирин өз ордунда, өз үйүнүн маңдайында сакчы кылып койдум.

**Туткундан кайтып келгендердин тизмеси**

4 Бирок шаар кенен, чоң эле, анда жашаган эл болсо аз болчу, жаңы үйлөр курулуп бүтө элек эле.

5 Элди каттоодон өткөрүш үчүн, атактуулар менен эл башчыларын чогултууну Кудайым жүрөгүмө салды. Бул жакка биринчи келгендердин санжырасын таап алдым, анда мындай деп жазылган экен:

6 Бабыл падышасы Небухаданасар туткундап кеткен туткундардын ичинен Иерусалимге, Жүйүт аймагына, ар бири өз шаарына келген тургундар булар:

7 Зоробабыл, Жешуя, Некемия, Азария, Раамия, Нахмани, Мордохай, Билшан, Мисперет, Бикбай, Нехум, Баана жана алар менен кошо келгендер. Ысрайыл элинин саны:

8 Пароштун уулдары эки миң бир жүз жетимиш эки.

9 Шепатиянын уулдары үч жүз жетимиш эки.

10 Арахтын уулдары алты жүз элүү эки.

11 Жашыя менен Жойаптын уулдарынан Пахат-Мааптын уулдары эки миң сегиз жүз он сегиз.

12 Эйламдын уулдары бир миң эки жүз элүү төрт.

13 Затунун уулдары сегиз жүз кырк беш.

14 Закайдын уулдары жети жүз алтымыш.

15 Бинуйдун уулдары алты жүз кырк сегиз.

16 Бейбайдын уулдары алты жүз жыйырма сегиз.

17 Азгаттын уулдары эки миң үч жүз жыйырма эки.

18 Адонукамдын уулдары алты жүз алтымыш жети.

19 Бикбайдын уулдары эки миң алты жүз жети.

20 Адиндин уулдары алты жүз элүү беш.

21 Хиския тукумунан Атейирдин уулдары токсон сегиз.

22 Хашумдун уулдары үч жүз жыйырма сегиз.

23 Бейтсайдын уулдары үч жүз жыйырма төрт.

24 Хариптин уулдары жүз он эки.

25 Гибондо туулгандар токсон беш.

26 Бейт-Лехем менен Нетопанын тургундары жүз сексен сегиз.

27 Анатоттун тургундары жүз жыйырма сегиз.

28 Бейт-Азмабеттин тургундары кырк эки.

29 Кирийат-Жейаримдин, Кепиранын жана Бейроттун тургундары жети жүз кырк үч.

30 Рама менен Гебанын тургундары алты жүз жыйырма бир.

31 Мукмастын тургундары жүз жыйырма эки.

32 Бейтел менен Айдын тургундары жүз жыйырма үч.

33 Башка Небонун тургундары элүү эки.

34 Башка Эйламдын уулдары бир миң эки жүз элүү төрт.

35 Харимдин уулдары үч жүз жыйырма.

36 Жериходо туулгандар үч жүз кырк беш.

37 Лоддо, Хадитте жана Онодо туулгандар жети жүз жыйырма бир.

38 Сенаада туулгандар үч миң тогуз жүз отуз.

39 Ыйык кызмат кылуучулар: Жешуянын тукумунан Жедаянын уулдары тогуз жүз жетимиш үч.

40 Имердин уулдары бир миң элүү эки.

41 Пашкурдун уулдары бир миң эки жүз кырк жети.

42 Харимдин уулдары бир миң он жети.

43 Лебилер: Кадмиел тукумунан Жешуянын уулдары, Адея тукумунан жетимиш төрт.

44 Ырчылар: Асаптын уулдары жүз кырк сегиз.

45 Дарбазачылар: Шалумдун уулдары, Атейирдин уулдары, Талмондун уулдары, Акуптун уулдары, Хатитанын уулдары, Шобайдын уулдары жүз отуз сегиз.

46 Нетиндер: Зиханын, Хасупанын, Табаотанын,

47 Кейростун, Сиянын, Падондун,

48 Лебандын, Хагаптын, Салмайдын,

49 Хanandын, Гиделдин, Гахардын,

50 Рейайдын, Ретсиндин, Некоданын,

51 Газамдын, Узанын, Пасейахтын,

52 Бейсайдын, Мейунимдин, Непишсимдин,

53 Бакбуктун, Хакупанын, Хархурдун,

54 Батсилиттин, Мехиданын, Харшанын,

55 Баркостун, Сисранын, Тамахтын,

56 Нетсиахтын, Хатипанын уулдары.

57 Сулаймандын кулдарынын уулдары: Сотайдын, Сопереттин, Периданын,

58 Жааланын, Даркондун, Гиделдин,

59 Шепатиянын, Хатилдин, Похерет-Атсебайымдын, Амондун уулдары.

60 Бардык нетиндер менен Сулаймандын кулдарынын уулдары үч жүз токсон эки.

61 Тейил-Мелахтан, Тейил-Харшадан, Keруп-Адондон жана Имерден чыккандар ушулар. Бирок алар өз тукумдарынын, өз урууларынын Ысрайылдан чыкканын көрсөтүп бере алышкан жок.

62 Делаянын, Тобиянын, Некоданын уулдары алты жүз кырк эки.

63 Ыйык кызмат кылуучулардан: Хабаянын уулдары, Акостун уулдары, Барзелайдын уулдары бар. Ал гилаттык Барзелайдын кызын алып, ошонун аты менен аталып калган.

64 Булар өз санжырасынын тизмесин таба алышпай, ыйык кызмат кылуучулардын тизмесинен чийилип калышкан.

65 Тиршапа аларга: «Урим менен тумим аркылуу Кудайдан сураган ыйык кызмат кылуучу чыкмайынча, ыйык тамактан жебегиле», – деди.

66 Бардык жамаат биригип, кырк эки миң үч жүз алтымыш адам болду.

67 Булар – жети миң үч жүз отуз жети кулдары менен күңдөрүнөн тышкары санакка киргендер. Алардын дагы эки жүз кырк беш ырчы кыз-жигиттери бар эле.

68 Булардын жети жүз отуз алты жылкысы, эки жүз кырк беш куланы,

69 төрт жүз отуз беш төөсү, алты миң жети жүз жыйырма эшеги болгон.

70 Кээ бир уруу башчылар ишти жүргүзүш үчүн каражат беришти. Тиршапа казынага миң алтын драхма, элүү чөйчөк, ыйык кызмат кылуучулар үчүн беш жүз отуз кийим берди.

71 Кээ бир уруу башчылар жумуштарды жүргүзүш үчүн, казынага жыйырма миң алтын драхма, эки миң эки жүз мина күмүш беришти.

72 Калган эл жыйырма миң алтын драхма, эки миң мина күмүш, ыйык кызмат кылуучулар үчүн алтымыш жети кийим беришти.

73 Ошентип, ыйык кызмат кылуучулар да, лебилер да, дарбазачылар да, ырчылар да, нетиндер да, жалпы эл да, бүткүл Ысрайыл эли да өз шаарларында жашап калышты.

## 8-БӨЛҮМ

### Эзранын элге мыйзамды окуп бериши

1 Жетинчи айда, Ысрайыл уулдары өз шаарларында жашап турушканда, бүт эл бир кишидей Суу дарбазасынын алдындагы аянтка чогулду да, китеп көчүргүч Эзрага Теңирдин Ысрайылга осуят кылган Мусанын мыйзам китебин алып кел деди.

2 Ыйык кызмат кылуучу Эзра китепти жетинчи айдын биринчи күнү жамааттын, эркектер менен аялдардын жана мыйзамды түшүнө алгандардын алдына алып келди.

3 Анан ал андан Суу дарбазасынын алдындагы аянтта таң сүргөндөн чак түшкө чейин эркектер менен аялдарга жана аны түшүнө алган адамдарга окуп берди. Элдин бардыгы мыйзам китебин кунт коюп угушту.

4 Окутуучу Эзра атайы жасалган жыгач секичеде турду. Анын жанында, оң кол тарабында, Матития менен Шема, Аная менен Урий, Хилкия менен Маасея, ал эми сол кол тарабында Педая менен Мишаел, Малкия менен Хашум, Хашбадана менен Захария жана Мешулам турду.

5 Эзра китепти бүт элдин көз алдында ачты, анткени ал бардык элден бийик турган. Ал китепти ачканда, бүт эл ордунан турду.

6 Анан Эзра улуу Кудай-Теңирди даңктады, бүт эл колдорун көтөрүп, «Оомийин, оомийин», – деп жерге жете ийилип, Теңирге табынышты.

7 Жешуя, Бани, Шейребия, Жамин, Акуп, Шаптай, Одия, Маасея, Келита, Азария, Жозабат, Ханан, Пелая жана лебилер ошол жерде турган элге мыйзамды түшүндүрүп жатышты.

8 Алар китептеги Кудайдын мыйзамдарын элге так окуп, түшүндүрүп берип жатышты. Алар окуганды эл түшүнүп жатты.

9 Ошондо тиршапа Некемия, китеп көчүргүч Эзра, ыйык кызмат кылуучу, элди окутуп жаткан лебилер бүт элге: «Бул күн – Кудай-Теңириңерге арналган ыйык күн, кайгырбагыла да ыйлабагыла», – дешти, анткени эл мыйзам сөздөрүн угуп жатканда, ыйлап турушкан эле.

10 Некемия аларга: «Баргыла, тамактын майлуусунан жеп, ичимдиктин таттуусунан ичкиле, эч нерсе даярдабагандар менен бөлүшкүлө, анткени бул күн – Теңирибизге арналган ыйык күн. Кайгырбагыла. Анткени Теңирдин алдында кубануу силерге күч болот», – деди.

11 Лебилер да: «Сабыр кылгыла, бул күн – ыйык күн, капа болбогула», – деп, бүт элди сооротуп жүрүштү.

12 Ошондо бүт эл барып, ичип-жеп, эч нерсе даярдабагандар менен да бөлүшүп, өз көңүлдөрүн көтөрүп, салтанат менен майрамдашты, анткени аларга айтылган сөздөрдү терең түшүнүштү.

**Алачыктар майрамы**

13 Эртеси уруу башчылар, ыйык кызмат кылуучулар, лебилер мыйзам сөздөрүн түшүндүрүп берсин деп, бүт элдин атынан китеп көчүргүч Эзрага келишти.

14 Алар Теңирдин Муса аркылуу берген мыйзам китебинен «Ысрайыл уулдары жетинчи айда, майрам күндөрү алачыктарда жашашсын» деп жазылган сөздөрдү табышты.

15 Ошондуктан өздөрү жашаган бардык шаарларга жана Иерусалимге жар салышып: «Жазылган сөздөрдүн негизинде алачыктарды жасаш үчүн, тоого баргыла да, зайтун дарагынын, жапайы зайтун дарагынын, мирта дарагынын, курма пальмасынын жана жазы жалбырактуу дарактардын бутактарын кыйып келгиле», – дешти.

16 Эл жабыла барып, бутактарды кыйып келди да, ар ким өз турак-жайынын үстүнө, өз короосуна, Кудайдын үйүнө, Суу дарбазасынын алдындагы аянтка жана Эпрайым дарбазасынын алдындагы аянтка алачык жасашты.

17 Туткундан кайрылып келген бүткүл жамаат алачык жасап, ошол алачыктарда жашап турушту. Нундун уулу Жашыянын күндөрүнөн ушул күнгө чейин Ысрайыл уулдары мындай кылышкан эмес. Бул зор кубаныч болду.

18 Кудайдын мыйзам китебин күн сайын, биринчи күндөн акыркы күнгө чейин окуп жатышты. Жети күн майрамдашты, сегизинчи күнү мыйзамга ылайык майрамдык жыйналыш болду.

**9-БӨЛҮМ**

**Элдин өз күнөөлөрүн мойнуна алышы**

1 Ушул айдын жыйырма төртүнчү күнү Ысрайыл уулдары зумбал кийип, баштарына күл сээп, орозо кармашты.

2 Ысрайыл тукуму бөлөк тукумдардан бөлүнүп, өз бетинче турду да, өз күнөөлөрү менен ата-бабаларынын кылмыштарын моюндарына алып, кечирим сурады.

3 Алар өз орундарында туруп, күндүн чейрегине чейин өз Кудай-Теңиринин мыйзам китебинен окуп, чейрек күн өз Кудай-Теңирине таазим кылып, кечирим сурашты.

4 Жешуя, Бани, Кадмиел, Шебания, Буни, Шейребия, Бани, Хенани лебилердин секичесине чыгып, катуу үн менен өз Кудай-Теңирине кайрылышты.

5 Анан лебилер – Жешуя, Кадмиел, Бани, Хашабнея, Шейребия, Одия, Шебания, Петахия мындай дешти: «Тургула, өз Кудай-Теңириңерди кылымдан кылымга даңктагыла! Даңктоого татыктуу болгон, бардык мактоолордон жогору турган Сенин атың мактала берсин да, даңктала берсин!

6 Теңир, Сен жалгыз Кудайсың, Сен асманды, асмандардын асманын, асман кошуунун, жерди жана андагынын бардыгын, деңиздерди жана андагылардын бардыгын жараттың, ошонун баарына өмүр бердиң, асман кошуунунун бардыгы Сага таазим кылат.

7 Кудай-Теңир, Сен Өзүң Ыбрамды тандап алып, аны каздимдердин Ур-Каздим деген шаарынан алып чыгып, ага Ыбрайым деген ат бердиң.

8 Анын жүрөгүнүн Өзүңө берилгенин көрүп, анын тукумуна канаандыктардын, хеттиктердин, аморлуктардын, периздиктердин, жебустуктардын жана гиргештиктердин жерлерин берем деп, аны менен келишим түздүң. Сен Өз сөзүңдү орундаттың, анткени Сен адилетсиң.

9 Сен биздин ата-бабаларыбыздын Мисирде тарткан азабын көрдүң, алардын Кызыл деңиздин жанындагы зарын уктуң.

10 Ошондо фараонго, анын кызматчылары менен ал жердин бардык элине жышаандарың менен кереметтериңди көрсөттүң, анткени Сен алардын бул элге текебердик менен мамиле кылганын билчүсүң, Сен Өз атыңды чыгардың, алар аны бүгүнкү күнгө чейин билишет.

11 Сен алардын алдында турган деңизди экиге бөлдүң, ошондо алар деңиздин ортосунан, кургак жер менен өтүп кетишти. Алардын артынан куугандарды ташкындаган сууга таш чөккөндөй чөгөрдүң.

12 Алар бара турган жолду жарык кылыш үчүн, күндүз булут мамы болуп, түнкүсүн от мамы болуп, аларды алып жүрдүң.

13 Синай тоосуна түшүп келип, алар менен асмандан сүйлөштүң да, аларга адилеттүү өкүмдү, ишенимдүү мыйзамды, жакшы буйруктарды жана осуяттарды бердиң.

14 Аларга Өз кулуң Муса аркылуу Өзүңдүн ыйык ишембиңди, осуяттарыңды, буйруктарыңды, мыйзамдарыңды бердиң.

15 Алар ачка болгондо, Сен аларга асмандан нан берип турдуң, суусаганда, таштан суу чыгарып берип турдуң, Сен аларга берем деп, колуңду көтөрүп ант берген жерге барып, ал жерди ээлеп алгыла дедиң.

16 Бирок алар, биздин ата-бабаларыбыз, өжөрлөнүп моюн сунбай, Сенин осуяттарыңды укпай коюшту.

17 Алар Сага баш ийгиси келбей, Сенин аларга көрсөткөн керемет иштериңди эстеринен чыгарып, моюн сунбай, өздөрүнүн өжөрлүгү менен кайрадан кул болуш үчүн, өздөрүнө жол башчы коюп алышты. Бирок Сен кечиргенди сүйгөн, жакшы, боорукер, чыдамдуу, абдан ырайымдуу Кудай болгондуктан, аларды таштаган жоксуң.

18 Алар өздөрүнө алтындан музоо жасап: “Мисирден алып чыккан кудайыңар ушул”, – деп, Сага акарат келтиришкенине карабай,

19 Сен Өзүңдүн улуу боорукердигиң менен аларды чөлгө таштаган жоксуң. Аларды жол менен алып жүрүш үчүн, алар бара жаткан жолдо аларга жарык берип туруш үчүн, күндүз булут мамы, түнкүсүн от мамы алардан алыстаган жок.

20 Аларды үйрөтүш үчүн, Өзүңдүн жакшы Рухуңду жибердиң, алардын оозунан маннаны үзбөдүң, суусунун кандырууга суу берип турдуң.

21 Сен аларды кырк жыл чөлдө бактың. Алар эч нерседен кем болушкан жок, кийген кийимдери эскирген жок, буттары шишиген жок.

22 Сен аларга падышачылыктар менен элдерди каратып бердиң, аларга жер бөлүп бердиң, алар Сихон жерлерине, Кешпон падышасынын жерлерине, Башан падышасы Огдун жерлерине ээ болушту.

23 Алардын уулдарын асмандагы жылдыздардай көбөйттүң, келип ээлешет деп, ата-бабаларына Өзүң айткан жерге аларды алып бардың.

24 Алардын уулдары келип, ал жерди ээлешти. Ал жердин тургундарын – канаандыктарды Сен аларга багынтып бердиң, эмне кылса өздөрү билсин деп, ал жерде жашаган элдерди, алардын падышаларын колдоруна салып бердиң.

25 Алар чептүү шаарларды, семиз жерди ээлеп, дүнүйө-мүлккө толгон үйлөрдү, таштан жасалган көлмөлөрдү, жүзүмзарлар менен зайтун бактарын, мөмөлүү дарактарды тартып алышты. Өзүңдүн кең пейилдигиң менен ичип-жешти, тоюшту, семиришти, жыргашты.

26 Алар тоң моюн тартып, Өзүңө каршы чыгышты, мыйзамыңды жек көрүштү, Сага кайрылгыла деп эскерткен пайгамбарларыңды өлтүрүштү, Сага акарат келтиришти.

27 Ошондо Сен аларды кысымга алган душмандардын колуна салып бердиң. Алар кыйналганда, Сага кайрылышчу, Сен алардын үнүн асмандан укчусуң, Өзүңдүн улуу боорукердигиң менен аларга куткаруучуларды жиберчүсүң, куткаруучулар аларды душмандардын колунан куткарышчу.

28 Тынч алып калышканда, алар Сенин көз алдыңда кайрадан жамандык кыла башташчу. Ошондо Сен аларды кайрадан душман колуна салып берчүсүң, душмандары аларга үстөмдүк кылышчу. Бирок алар Сага кайрадан кайрылганда, Сен алардын үнүн асмандан угуп, Өзүңдүн улуу боорукердигиң менен аларды куткарып турчусуң.

29 Сен аларга Өзүңдүн мыйзамыңа кайрылууну эскертип турдуң, бирок алар көшөрүп, Сенин осуяттарыңды аткарышчу эмес, Сенин мыйзамдарыңдан четтеп кетишчү. Аларды аткарган адам жашамак. Бирок алар тил албай, моюн сунбай өжөрлөнүштү.

30 Аларды кайрылар бекен деп, көп жылдар күтүп, Өзүңдүн Рухуң менен, пайгамбарларың аркылуу алардын эсине салып турдуң, бирок алар укпай коюшту. Ошондо Сен аларды бөтөн жердеги элдердин колдоруна салып бердиң.

31 Бирок Өзүңдүн улуу боорукердигиң менен аларды таптакыр кырып салган жоксуң, таштап койгон жоксуң, анткени Сен жакшы, ырайымдуу Кудайсың.

32 Оо Кудай, Сен азыр да Өзүңдүн келишимиң менен ырайымыңды сактап турган кудуреттүү да, коркунучтуу да улуу Кудайсың! Ашур падышаларынын күндөрүнөн тартып бүгүнкү күнгө чейин биздин, падышаларыбыздын, төрөлөрүбүздүн, ыйык кызмат кылуучуларыбыздын, пайгамбарларыбыздын, ата-бабаларыбыздын жана бүт элдин тарткан азаптары Сага аз болуп көрүнбөсө экен.

33 Биз кандай азап тартсак да, ошонун бардыгын Сен туура кылдың, анткени Сен бардык иште адилет болдуң, ал эми биз күнөөлүү болдук.

34 Биздин падышаларыбыз, төрөлөрүбүз, ыйык кызмат кылуучуларыбыз, ата-бабаларыбыз Сенин мыйзамыңды аткарышкан жок, Сен эскертип турган осуяттарың менен эскертүүлөрүңдү укпай коюшту.

35 Өзүңдүн улуу ырайымың менен берген падышачылыкта, Өзүң бөлүп берген кең, семиз жерде жашап турушканда, алар Сага кызмат кылышкан жок, өздөрүнүн кыянат иштерин калтырышкан жок.

36 Азыр биз кулбуз, Сен ата-бабаларыбызга жер-жемиштери жана түшүмдөрү менен азыктанууга берген жерде биз кулдукта жүрөбүз.

37 Күнөөбүз үчүн Сен бизди багынтып берген падышаларга бул жер көп түшүм берип жатат. Алар өзүбүзгө
да, мал-жаныбызга да өздөрү каалагандай үстөмдүк кылып жатышат. Биз кыйын кысталышта калдык.

**Келишимге мөөр баскандардын тизмеси**

38 Ушулардан улам биз бекем келишим түзүп, колубузду коюп жатабыз, колдорубуздун үстүндө биздин
төрөлөрдүн, лебилердин, ыйык кызмат кылуучулардын мөөрлөрү турат».

**10-БӨЛҮМ**

1 Мөөр баскандар булар болду: Хахалия уулу Некемия-Тиршата жана Ситкия,

2 Серая, Азария, Жеремия,

3 Пашкур, Амария, Малкия,

4 Хатуш, Шебания, Малух,

5 Харим, Меремот, Обадия,

6 Даниел, Гиптон, Барух,

7 Мешулам, Абия, Миямин,

8 Мазия, Билгай, Шемая. Булар – ыйык кызмат кылуучулар.

9 Лебилер: Азания уулу Жешуя, Хейнадат уулдарынан Бинуй, Кадмиел.

10 Алардын бир туугандары: Шебания, Одия, Келита, Пелая, Ханан,

11 Миха, Рехоп, Хашабия,

12 Закур, Шейребия, Шебания,

13 Одия, Бани, Бенуну,

14 Эл башчылар: Парош, Пахат-Маап, Эйлам, Зату, Бани,

15 Буни, Азгат, Бейбай,

16 Адония, Бикбай, Адин,

17 Атейир, Хиския, Азур,

18 Одия, Хашум, Бейтсай,

19 Харип, Анатот, Нейбай,

20 Махпийаш, Мешулам, Хейзир,

21 Мешейзабел, Садок, Жадуя,

22 Пелатия, Ханан, Аная,

23 Ошуя, Ханания, Хашуп,

24 Алокейиш, Пилха, Шобек,

25 Рехум, Хашабна, Маасея,

26 Акия, Ханан, Анан,

27 Малух, Харим, Баана.

28 Калган элдер, ыйык кызмат кылуучулар, лебилер, дарбазачылар, ырчылар, нетиндер, бөтөн жерлик элдерден бөлүнүп, Кудайдын мыйзамына киргендер, алардын аялдары, уулдары, кыздары – мыйзамды түшүнө алгандардын баары

29 бир туугандарына, алардын атактууларына кошулуп, Кудайдын Өзүнүн кулу Муса аркылуу берген мыйзамы боюнча жүрүүгө жана өз Кудай-Теңирибиздин осуяттарын сактап, буйруктарын, мыйзамдарын аткарууга,

30 кыздарын бөтөн жерлик элдерге бербөөгө, уулдарына алардын кыздарын алып бербөөгө,

31 бөтөн жерликтер өздөрүнүн сата турган мал-мүлкүн ишембиде алып келгенде, ишембиде, ыйык күндө, алардан эч нерсе албоого жана жетинчи жылы ар кандай карыздарын кечип коюуга ант беришип, антты бузсак, бизге каргыш тийсин дешти.

32 Кудайыбыздын үйүнүн керектөөлөрүнө жылына шекелдин үчтөн бир бөлүгүн берип турууну да өзүбүзгө мыйзам кылып койдук:

33 алар нан тартууларына, күн сайын коюлуучу нан курмандыктарына, күн сайын чалынуучу бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктарга, ишемби күнү, ай жаңырган сайын өткөрүлүүчү майрамда, ар кандай майрамдарда чалынуучу курмандыктарга, ыйык буюмдарга, Ысрайылдын күнөөсү үчүн чалынуучу курмандыктарга – Кудайыбыздын үйүндө өткөрүлүүчү бардык нерселерге арналсын.

34 Биз, ыйык кызмат кылуучулар, лебилер, эл, мыйзамда жазылгандай, Кудай-Теңирибиздин курмандык чалынуучу жайында дайыма от күйүп туруш үчүн, жыл сайын белгиленген убакта жеткирилип туруучу отунду кайсы уруу кайсы убакта Кудайыбыздын үйүнө жеткирип турарын билиш үчүн, өкчөмө таш ыргыттык.

35 Жыл сайын Теңирдин үйүнө жерибиздин алгачкы түшүмү менен жемиш бактарыбыздын алгачкы мөмөлөрүнөн жеткирип турууга да милдеттенме алдык.

36 Ошондой эле, мыйзамда жазылгандай, Кудайыбыздын үйүнө, ыйык кызмат кылуучуларга, Кудайдын үйүндө кызмат кылгандарга, тун уулдарыбызды, ири жана майда малыбыздын биринчи төлүн жеткирип берүүгө милдеттенме алдык.

37 Бастырылган даныбыздын алгачкы түшүмүн, ар кандай тартууларыбызды, жемиш бактарыбыздын мөмөлөрүн, зайтун майларыбызды, шараптарыбызды ыйык кызмат кылуучуларга, Кудайыбыздын үйүндөгү кампаларга жеткирип беребиз, лебилерге болсо жерибизден алынган түшүмдүн ондон бир бөлүгүн жеткирип турабыз. Бардык шаарлардан, дыйканчылык кылган бардык жерлерден лебилер түшүмдүн ондон бир бөлүгүн алып турушат.

38 Лебилер ондон бир бөлүктү алып жатканда, Арундун тукумунан чыккан ыйык кызмат кылуучу алардын жанында турат, лебилер алган ондуктарынын ондон бир бөлүгүн Кудайдын үйүндөгү кампалар үчүн бөлүнгөн бөлмөлөргө жеткиришет.

39 Анткени ал бөлмөлөргө Ысрайыл уулдарындай эле, лебилер да тартууга келген дан, шарап, зайтун майларын жеткирип турууга тийиш. Ал жерде ыйык идиштер, кызмат кылган ыйык кызмат кылуучулар, дарбазачылар, ырчылар турат. Ошентип, биз Кудайыбыздын үйүн таштабайбыз.

**11-БӨЛҮМ**

**Иерусалимдин тургундары**

1 Эл башчылар Иерусалимде жашап калышты, ал эми калган элдин ондон бир бөлүгү Иерусалимде жашаш үчүн, калган тогуз бөлүгү башка шаарларда жашаш үчүн, өкчөмө таш ыргытышты.

2 Эл өз ыктыяры менен Иерусалимде жашоого макул болгондордун баарына батасын берди.

3 Иерусалимде жашаган өлкө башчылары булар – Жүйүт аймагынын шаарларында ысрайылдыктар, ыйык кызмат кылуучулар, лебилер, нетиндер, Сулаймандын кулдарынын уулдары ар бири өздөрүнө таандык шаарларда жашашты.

4 Иерусалимде Жүйүттүн уулдары менен Бенжемин уулдары жашап калышты. Жүйүттүн уулдарынан: Атая. Атая – Узиянын уулу, Узия – Захариянын уулу, Захария – Амариянын уулу, Амария – Шепатиянын уулу, Шепатия – Маалалелдин уулу, Маалалел Перес тукумунан.

5 Ошондой эле Маасея. Маасея – Барухтун уулу, Барух – Кол-Хозенин уулу, Кол-Хозе – Хазаянын уулу, Хазая – Адаянын уулу, Адая – Жойарыптын уулу, Жойарып – Захариянын уулу, Захария – Шейланын уулу.

6 Иерусалимде жашаган Перестин бардык уулдары төрт жүз алтымыш сегиз эле. Алар жоокер адамдар болчу.

7 Бенжемин уулдары: Ышайа уулу, Итиел уулу, Маасея уулу, Колая уулу, Педая уулу, Жойет уулу, Мешулам уулу Салу.

8 Алардын соңунан Габай, Салай, бардыгы болуп тогуз жүз жыйырма сегиз адам.

9 Зихри уулу Жоел аларга башчы болду, ал эми Асенуа уулу Жүйүт шаардын экинчи башчысы болду.

10 Ыйык кызмат кылуучулардан: Жойарип уулу Жедая, Жахин жана

11 Кудай үйүндө башчы болгон Серая. Ал – Хилкиянын уулу, Хилкия – Мешуламдын уулу, Мешулам – Садоктун уулу, Садок – Мерайоттун уулу, Мерайот – Акитуптун уулу.

12 Кудайдын үйүндө кызмат кылган алардын бир туугандары сегиз жүз жыйырма эки болду. Ошондой эле Адая. Ал – Жерохамдын уулу, Жерохам – Пелалиянын уулу, Пелалия – Амисийдин уулу, Амисий – Захариянын уулу, Захария – Пашхурдун уулу, Пашхур – Малкиянын уулу.

13 Уруу башчылары болгон анын бир туугандары эки жүз кырк эки адам болду. Ошондой эле Амашсай. Амашсай – Азариелдин уулу, Азариел – Аказайдын уулу, Аказай – Мешилеймоттун уулу, Мешилеймот – Имердин уулу.

14 Алардын бир туугандары жүз жыйырма сегиз эр жүрөк аскерлер эле. Аларга Хагедолим уулу Забдиел башчы болду.

15 Ал эми лебилерден: Шемая. Шемая – Хашуптун уулу, Хашуп – Азрикамдын уулу, Азрикам – Хашабиянын уулу, Хашабия – Бунинин уулу.

16 Кудай үйүндөгү тышкы иштер боюнча леби башчылардан Шаптай менен Жозабат,

17 Кудайга сыйынардагы даңктоо ырлардын башкы баштоочусу – Матания. Ал – Миханын уулу, Миха – Забдийдин уулу, Забдий – Асаптын уулу жана анын бир туугандарынын арасында экинчи болгон Бакбукея, ошондой эле Абда. Абда – Шамуянын уулу, Шамуя – Галалдын уулу, Галал – Жедутундун уулу.

18 Ыйык шаардагы бардык лебилер эки жүз сексен төрт адам болду.

19 Ал эми дарбазачылар: Акуп, Талмон жана дарбаза сакчылыгында турган алардын бир туугандары – жүз жетимиш эки адам.

**Калган шаарлардын тургундары**

20 Калган ысрайылдыктар, ыйык кызмат кылуучулар, лебилер жүйүттөрдүн бардык шаарларында, ар ким өз энчисине тийген жерде жашап турушту.

21 Ал эми нетиндер Опелде жашашкан. Нетиндердин үстүндө Зиха менен Гишпа турду.

22 Асаптын Кудай үйүндө кызмат кылган ырчы уулдарынын бири Узи Иерусалимде лебилердин башчысы эле. Узи – Банинин уулу, Бани – Хашабиянын уулу, Хашабия – Матаниянын уулу, Матания – Миханын уулу.

23 Алар тууралуу падышадан өзгөчө буйрук болуп, ырчылар үчүн күн сайын белгилүү кызмат акы бөлүнгөн.

24 Жүйүт уруусунан, Зерак уулдарынан чыккан Мешейзабел уулу Петахия элге тиешелүү ар кандай иштер боюнча падышанын ишенимдүү кишиси болгон.

25 Ал эми айыл-кыштактарда, өз жерлеринде жашаган Жүйүт уулдары Кирийат-Арбада жана ага караштуу айыл-кыштактарда, Дибондо жана ага караштуу айыл-кыштактарда, Жекапсейелде жана ага караштуу айыл-кыштактарда,

26 Жейшуяда, Моладада, Бейт-Палетте,

27 Хатсар-Шуалда, Бейер-Шебада жана ага караштуу айыл-кыштактарда,

28 Сыклакта, Мехондо жана ага караштуу айыл-кыштактарда,

29 Эйин-Римондо, Сорада, Жармутта,

30 Заноахта, Адуламда жана аларга караштуу айыл-кыштактарда, Лакиште жана анын талааларында, Азейкада жана ага караштуу шаарларда жашап турушту. Алар Бейер-Шебадан Ином өрөөнүнө чейин жайгашышкан.

31 Бенжемин уулдары Гебадан тартып, Мукмаста, Айда, Бейтелде жана ага караштуу шаарларда,

32 Анатотто, Нопто, Хананиде,

33 Хатсордо, Рамада, Гитайимде,

34 Хадитте, Себоимде, Небалатта,

35 Лоддо, Онодо, Гей-Ахарашим өрөөнүндө жашап турушту.

36 Лебилердин Жүйүт менен Бенжемин жерлеринде да турак-жайлары болгон.

**12-БӨЛҮМ**

**Ыйык кызмат кылуучулар менен лебилердин тизмеси**

1 Шалтиел уулу Зоробабыл жана Жешуя менен келген ыйык кызмат кылуучулар менен лебилер булар: Серая, Жеремия, Эзра,

2 Амария, Малух, Хатуш,

3 Шехания, Рехум, Меремот,

4 Идо, Гинтой, Абия,

5 Миямин, Мадия, Билга,

6 Шемая, Жойарип, Жедая,

7 Салу, Амок, Хилкия, Жедая. Булар – Жешуянын тушундагы башкы ыйык кызмат кылуучулар жана алардын бир тууганадары.

8 Ал эми лебилер: Жешуя, Бинуй, Кадмиел, Шейребия, Жүйүт, ырчылардын башчысы Матания жана анын бир туугандары,

9 Бакбукея менен Уни, алардын бир туугандары бир катарда сакчылыкта турушту.

**Ыйык кызмат кылуучулардын санжырасы**

10 Жешуядан Жайаким, Жайакимден Элийашип, Элийашиптен Жойада,

11 Жойададан Жонатан, Жонатандан Жадуя төрөлгөн.

12 Жайакимдин тушундагы ыйык кызмат кылуучулар, уруу башчылар булар: Серая тукумунан Мерая, Жеремия тукумунан Ханания,

13 Эзра тукумунан Мешулам, Амария тукумунан Жоханан,

14 Мелиху тукумунан Жонатан, Шебания тукумунан Жусуп,

15 Харим тукумунан Адна, Мерайот тукумунан Хилкия,

16 Идо тукумунан Захария, Гиптон тукумунан Мешулам,

17 Абия тукумунан Зихри, Миниямин, Моадия тукумунан Пилтай,

18 Билга тукумунан Шамуя, Шемая тукумунан Жонатан,

19 Жойарип тукумунан Матенай, Жедая тукумунан Узи,

20 Салай тукумунан Калай, Амок тукумунан Эйбер,

21 Хилкия тукумунан Хашабия, Жедая тукумунан Натанаел.

22 Элийашип, Жойада, Жоханан жана Жадуянын тушундагы уруу башчы лебилер, ошондой эле Персия падышасы Дарийдин тушундагы ыйык кызмат кылуучулар тизмеге кирди.

23 Уруу башчылары болгон Леби уулдары, Элийашип уулу Жохanандын тушуна чейинки санжырада жазылган.

24 Лебилердин башчылары: Хашабия, Шейребия, Кадмиел уулу Жешуя жана алардын бир туугандары. Алардын бир туугандары Кудайдын кишиси Дөөт түзгөн кезек боюнча Кудайга ыраазычылык билдирип даңктап туруу үчүн, алардын каршысына коюлган.

25 Матания, Бакбукея, Обадия, Мешулам, Талмон, Акуп – булар дарбазаларда эшик кайтарган сакчылар.

26 Алар Жотсадак уулу Жешуянын уулу болгон Жайакимдин тушунда, дубан башчы Некемия менен китеп көчүргүч, ыйык кызмат кылуучу Эзранын тушунда жашап, ошол кызматтарды аткарып турушкан.

**Иерусалим дубалдарын ыйыктоо**

27 Иерусалим дубалын ыйыктарда, лебилерди жашаган жерлеринен Иерусалимге келишин талап кылышты. Аларга ыйыктоо ишин кубанычтуу майрам менен, жез табактардын, арфанын, гуслинин коштоосунда Кудайды мактоо жана даңазалоо ырлары менен өткөрүүнү буйрук беришти.

28 Иерусалимдин тегереги менен Нетопанын кыштактарынан да ырчылардын уулдары келишти.

29 Бейт-Гилгалдан да, Геба жана Азмабет талааларынан да келишти, себеби ырчылар Иерусалимдин чет-жакаларына кыштак куруп алышкан.

30 Ыйык кызмат кылуучулар менен лебилер өздөрү тазаланып, анан элди да, дарбазаларды да, дубалдарды да ыйыкташты.

31 Ошондо мен Жүйүт аймагынын эл башчыларын дубалдарга алып бардым да, салтанаттуу жүрүш үчүн, ырчылардын эки чоң тобун койдум, алардын бири Кык дарбазасын көздөй дубалдын оң тарабы менен бара жатты.

32 Алардын соңунан Ошая жана Жүйүт аймагынын эл башчыларынын теңи:

33 Азария, Эзра, Мешулам,

34 Жүйүт, Бенжемин, Шемая жана Жеремия бара жатты.

35 Ыйык кызмат кылуучулардын уулдарынан сурнай менен бара жаткандар: Захария. Захария – Жонатандын уулу, Жонатан – Шемаянын уулу, Шемая – Матаниянын уулу, Матания – Михейдин уулу, Михей – Закурдун уулу, Закур Асаптын уулу.

36 Ошондой эле анын бир туугандары: Шемая, Азариел, Милалай, Гилалай, Маай, Натанаел, Жүйүт жана Ханани. Булар Кудайдын кишиси Дөөттүн музыкалык аспаптары менен бара жатышты. Алардын алдында китеп көчүргүч Эзра бара жатты.

37 Алардын каршысында турган Булак дарбазасынын жанынан алар Дөөттүн шаарына чыга турган тепкичтер менен, Дөөттүн үйүнүн үстүндөгү дубалдарга чыга турган тепкичтер менен чыгыштагы Суу дарабазасына чейин чыгышты.

38 Алардын каршысында ырчылардын экинчи тобу бара жатты, алардан кийин мен бара жаттым. Менден кийин элдин теңи дубал менен Меш мунарасынан жазы дубалга карай бара жатты.

39 Эпрайым дарбазасынан, эски дарбазанын алдынан, Балык дарбазасынын, Хананел мунарасынын, Мея мунарасынын алдынан өтүп, Кой дарбазасына жетип, Зындан дарбазасынын алдына токтодук.

40 Анан ырчылардын эки тобу тең, мен жана мени менен келген эл башчылардын теңи Кудай үйүнүн алдына келип туруп калдык.

41 Ыйык кызмат кылуучулар: Элийаким, Маасея, Минияммин, Михей, Элийонай, Захария, Ханания сурнайлар менен турушту,

42 Маасея, Шемая, Элазар, Узи, Жоханан, Малкия, Эйлам жана Эзер турушту. Анан ырчылар жер жаңырта ырдашты. Аларга Жизрахия башчы болду.

43 Ошол күнү көп курмандык чалышты, анан ырдап шаттанышты, анткени Кудай аларга зор кубаныч берди. Аялдары да, балдары да ырдап шаттанышты. Иерусалимдеги кубаныч алыска угулуп жатты.

**Ийбадатканадагы кызмат тартиби**

44 Ошол эле күнү алгачкы түшүм менен ондуктар сакталуучу кампаларга, шаарлардын четиндеги эгин талаалардан алган түшүмдөн мыйзам боюнча ыйык кызмат кылуучулар менен лебилерге тиешелүү болгон үлүштү чогултуш үчүн кишилер коюлду. Анткени жүйүт эли өз Кудайына кызмат кылып жаткан, ыйыктоо иштерин аткарып жаткан ыйык кызмат кылуучулар менен лебилерди көрүп кубанды.

45 Алар өз Кудайына кызмат кылышты, ыйыктоо иштерин жүргүзүштү, ошондой эле Дөөттүн жана анын уулу Сулаймандын буйругу боюнча ырчы жана дарбазачы болуп турушту.

46 Анткени эзелтен эле, Дөөт менен Асаптын тушунда, Кудайды мактоо, ыраазычылык билдирүү ырлары чыгарылып, аларды аткарган ырчылардын жетекчилери коюлган.

47 Зоробабылдын тушунда да, Некемиянын тушунда да бүт ысрайылдыктар ырчыларга да, дарбазачыларга да күн сайын өз үлүштөрүн берип келишкен. Ыйык үлүштөрдү лебилерге берип турушкан, лебилер болсо ыйык үлүштөрдү Арундун уулдарына берип турушкан.

**13-БӨЛҮМ**

**Эврейлердин башка элдерден бөлүнүшү**

1 Ошол күнү Мусанын китебинен мындай жерлер элге угуза окулду: «Амондуктар менен мааптыктар Кудайдын коомуна кире албайт,

2 анткени алар Ысрайылдын уулдарын нан, суу менен тосуп алышкан эмес, аларды каргатыш үчүн Биламды жалдашкан. Бирок биздин Кудай ал каргышты батага айлантып койгон».

3 Алар бул мыйзамды укканда, бардык бөтөн урууларды Ысрайылдан бөлүп салышты.

**Некемиянын киргизген өзгөртүүлөрү**

4 Тобиянын жакын тууганы, Кудайыбыздын үйүндөгү кампа бөлмөлөрүнө коюлган ыйык кызмат кылуучу Элийашип,

5 Тобияга чоң бөлмөнү даярдап бериптир. Ал бөлмөгө мурун нан курмандыктары, ладан, идиштер, ошондой эле мыйзам боюнча лебилерге, ырчыларга, дарбазачыларга тиешелүү болгон түшүмдүн, шарап, зайтун майларынын ондон бир бөлүгү жана ыйык кызмат кылуучуларга берилүүчү курмандыктар коюлчу.

6 Мунун баары болуп жатканда, мен Иерусалимде жок болчумун, анткени Бабыл падышасы Артакшаштанын бийлигинин отуз экинчи жылы мен падышага баргам, бир нече күн өткөндөн кийин, падышадан кайра суранып кеткем.

7 Мен Иерусалимге келгенде, Элийашиптин Кудайдын үйүнүн короосунан Тобияга бөлмө оңдоп берип, жаман иш кылганын билдим.

8 Ошондо мен абдан жаман болуп, Тобиянын бардык үй буюмдарын ал бөлмөдөн сыртка ыргыттым да,

9 бөлмөнү тазалагыла дедим, бөлмөгө Кудай үйүнүн идиштерин, нан курмандыктарын, ладанды кайрадан алып киргиле деп буйрук кылдым.

10 Лебилерге үлүштөрү берилбей жатканын жана кызматта турган лебилер менен ырчылар өз талааларына качып кеткенин да уктум.

11 Бул үчүн башкаруучуларды катуу эскертип, эмне үчүн биз Кудайдын үйүн таштап койдук дедим. Анан мен аларды чогултуп, өз-өз орундарына койдум.

12 Ошондо бардык жүйүттөр эгиндин, шараптын, зайтун майларынын ондон бир бөлүгүн кампаларга алып келе башташты.

13 Мен кампаларга ыйык кызмат кылуучу Шелемияны, китеп көчүргүч Садокту, лебилерден Педаяны, алардын жанына Матания уулу болгон Закурдун уулу Хананды койдум, анткени алар ишенимдүү адамдар болуп эсептелчү. Өз бир туугандарына үлүш бөлүштүрүү ошолорго жүктөлдү.

14 «Оо Кудайым, мени ушул ишим үчүн унутпа, Кудайымдын үйү үчүн берилип кылган иштеримди, ошол жердеги кызматты тартипке келтиргенимди эсиңден чыгарба!»

15 Ошол күндөрү мен жүйүт элинин ишемби күнү жүзүм сыгып, боо ташып, эшектерге шарап, жүзүм, анжыр, ар кандай жүк артып, Иерусалимге алып келип жатканын көрдүм. Ошол эле күнү алар тамак-аш сатып жатканда, катуу эскерттим.

16 Жүйүт аймагында жашаган тирликтер да балыкты жана башка нерселерди ташып келип, ишембиде Жүйүт менен Иерусалимдин тургундарына сатып турушкан.

17 Ошондо мен жүйүт элинин атактууларын катуу эскертип, мындай дедим: «Эмне үчүн силер мындай кыянаттык кылып, ишемби күндү булгап жатасыңар?

18 Ата-бабаларыңар да ушундай кылгандыктан, Кудайыбыз бизге жана бул шаарга алаамат каптатпады беле. Силер болсо ишембини булгап, Анын Ысрайылга болгон каарын күчөтүп жатасыңар».

19 Ушундан кийин, ишембинин алдында, кеч кире баштаганда Иерусалимдин дарбазаларын бекитип,
ишемби күндүн эртеси эртең менен гана ачууну буйрук кылдым. Ишемби күнү эч кандай жүк өтпөш үчүн,
кызматчыларымды дарбазага койдум.

20 Ошондо ар кандай мал-мүлк саткан сатуучулар менен соодагерлер Иерусалимдин сыртына бир-эки жолу
түнөп калышты.

21 Бирок аларды катуу эскертип, мен: «Силер эмне үчүн шаар сыртына түнөп жатасыңар? Эгер дагы ушинте
турган болсоңор, анда силерди жазага тартам», – дедим. Ошондон тартып алар ишембиде келбей калышты.

22 Анан мен лебилерге ишемби күндү ыйык тутуш үчүн, тазаланып, дарбазалардын алдында сакчылыкта
турсун дедим. «Оо Кудайым, мына ушунум үчүн да мени унутпа, улуу ырайымың менен мага ырайым кыл!»

23 Ошол күндөрү мен дагы азоттук, амондук, мааптык кыздардан аял алган жүйүттөрдү көрдүм.

24 Ошондуктан алардын уулдарынын жарымы азоттуктарча же башка элдердин тилдеринде сүйлөшөт,
жүйүт тилинде сүйлөй алышпайт.

25 Бул үчүн мен аларга сөгүш берип, каргыш айтып, кээ бир эркектерин уруп, чачын жулуп, алардан
Кудайдын аты менен убада берүүнү талап кылып, өз кыздарыңарды алардын балдарына бербегиле, алардын
кыздарын уулдарыңар албасын, өзүңөр да албагыла дедим.

26 Ысрайыл падышасы Сулайман ушулардын айынан күнөөгө батпады беле дедим. Башка көп элдердин
мындай падышасы болгон эмес. Ал Кудайдын сүйүктүү кишиси болгондуктан, Кудай аны бүткүл
Ысрайылга падыша кылып койгон, бирок бөтөн жердин аялдары азгырып, аны да күнөөгө түрткөн.

27 Бөтөн жердик аялдар менен жашап, Кудайыбыздын алдында күнөө кылып, ушундай зор кыянаттык
кылып жатканыңар жөнүндө угат белек?

28 Башкы ыйык кызмат кылуучу Элийашиптин уулу Жойаданын уулдарынын бири хорондук Санбалаттын
күйөө баласы болгон. Мен аны өзүмдүн жанымдан кууп жибергем.

29 «Оо Кудайым, ыйык кызматты, ыйык кызмат кылуучулардын жана лебилердин келишимин бузганы
үчүн, аларды жазала!»

30 Мен аларды бөтөн жерликтердин бардык нерселеринен ушинтип тазаладым, ыйык кызмат кылуучулар
менен лебилердин кызматын калыбына келтирдим, ар бирин өз ишине койдум.

31 Ошондой эле элдин отунду жана алгачкы түшүмдү өз убагында алып келип туруусун калыбына
келтирдим. «Оо Кудайым, мага жакшы болушу үчүн, мени унутпа!»

**ЭСТЕР**

**1-БӨЛҮМ**

**Акашбейроштун Баштини ханышалыктан ажыратышы**

1 Акашбейрош падышанын тушунда мындай окуя болду (Акашбейрош падыша Индиядан Эфиопияга чейинки жүз жыйырма жети дубанды башкарып турган):

2 Акашбейрош падыша борбор шаар Шушанда падышачылык тактыда отурган күндөрү,

3 падышачылыгынын үчүнчү жылында, бардык төрөлөрүнө, кол астындагы кызматчыларына, персиялык жана мадайлык башкы аскер башчыларына, өз дубандарынын дубан башчыларына чоң той берди.

4 Ал падышачылыгынын сан жеткис байлыгын, өзүнүн шаан-шөкөткө толгон сарайларын көп күндүн аралыгында, жүз сексен күндүн ичинде, көрсөтүп чыкты.

5 Ошол күндөрдөн кийин падыша борбор шаар Шушанда жашаган өзүнүн эли үчүн, кичинесинен чоңуна чейин, падыша сарайынын бакчасында жети күн той өткөрдү.

6 Зыгыр буласынан токулган ак түстөгү жана жүндөн токулган жакут түстөгү көшөгөлөр илинип турду. Алар зыгыр буласынан жана кочкул кызыл кездемеден жасалган боолор менен күмүш шакектерге байланып, мармар мамыларга илинип турду.

7 Алтын-күмүш менен капталган супалар жакут, мармар, седеп жана кара таштар кынала жаткырылган жерге жайгашкан.

8 Суусундуктар баасы отуз миң талант турган, бири-бирине окшошпогон алтын идиштер менен сунулуп жатты. Падышанын байлыгына жараша шарап көп болду, бирок тартип менен ичилип жатты, эч ким эч кимди мажбурлаган жок. Анткени падыша үй башкаруучуларына ар кимди өз эркине коюуну буйрук кылган.

9 Башти ханыша да падыша Акашбейроштун падыша сарайында аялдар үчүн той өткөрдү.

10 Шарап ичип көңүлү көтөрүлгөн Акашбейрош падыша тойдун жетинчи күнү элге жана төрөлөргө аялынын сулуулугун көрсөтүш үчүн,

11 өзүнө кызмат кылган эбнухтарына – Меуманга, Бистага, Харбонго, Биктага, Абахтага, Зейтарга, Каркаска ханыша Баштини ханышалык таажысы менен өзүнүн алдына алып келүүнү буйруду. Анткени ал аябай сулуу эле.

12 Бирок ханыша Башти падышанын эбнухтары аркылуу берген буйругу боюнча келгиси келген жок.

13 Ошондо падыша абдан ачууланып, каары кайнады. Ал өткөн мезгилдерди билген акылмандарга кайрылды, анткени мыйзам менен укуктарды билгендер менен кеңешип турчу.

14 Ошол убакта Персия менен Мадайдын жети төрөсү: Каршена, Шейтар, Адмата, Таршыш, Мерес, Марсена, Мемухан падышанын кеңешчилери эле. Алар падышага бардык учурда кире алышкан, падышачылыкта алдыңкы орунда отурушкан.

15 «Акашбейрош падышанын эбнухтары аркылуу берген буйругун аткарбай койгону үчүн, мыйзам боюнча ханыша Баштини эмне кылыш керек?»

16 Ошондо Мемухан төрө падыша менен төрөлөрдүн алдында мындай деп айтты: «Башти ханыша жеке эле падышанын алдында айыптуу болуп отурган жок, ал бардык төрөлөрдүн жана Акашбейрош падышанын бардык дубандарында жашаган бардык элдердин алдында айыптуу болду.

17 Анткени ханышанын бул жоругу бардык аялдарга жетет да, алар өздөрүнүн күйөөсүн барктабай: "Акашбейрош падыша Башти ханышаны өзүнүн алдына алып келүүнү буйруганда, ал келбей койгон", – дешет.

18 Ханышанын бул жоругун уккан Персия менен Мадай төрайымдары да падышанын төрөлөрүнө ушинтип айтышат. Тоотпостук, каардануу көп болот.

19 Эгерде падыша ылайык тапса, "Мындан ары Башти ханыша Акашбейрош падышанын алдына келбесин, падыша анын ханышалык даражасын андан артык турган башка аялга берсин" деген токтом чыгарсын, ал Персия менен Мадай мыйзамына жазылсын, өзгөртүлбөсүн.

20 Падышанын бул токтому, анын падышачылыгы канчалык чоң болбосун, анын бүткүл булуң-бурчуна тарайт. Ошондо аны уккан аялдар күйөөлөрүн, атактуу болобу, жөнөкөй болобу, сыйлай башташат».

21 Бул сөз падыша менен төрөлөргө жакты. Падыша Мемухандын айтканындай кылып, өзүнүн бардык дубандарына

22 ар бир эркек өз үйүндө кожоюн болсун, бул токтом ар бир адамга өз эне тилинде жарыялансын деп, ар бир дубандын өз арибинде, ар бир элдин өз эне тилинде жазылган кат жөнөттү.

**2-БӨЛҮМ**

**Эстердин ханыша болушу**

1 Акашбейрош падышанын ачуусу тарагандан кийин, Башти тууралуу, анын эмне кылганы тууралуу, ага кандай токтом чыгарылганы тууралуу эстеди.

2 Падышага кызмат кылган кеңешчилери мындай дешти: «Падышага сулуу, жаш кыздарды таап келишсе кандай болот.

3 Падыша өзүнүн бардык дубандарына кишилерди дайындаса, алар сулуу, жаш кыздарды чогултуп, борбор шаар Шушандагы аялдарды кайтарган, падышанын эбнуху Эйгенин көзөмөлүндөгү үйгө алып келишсе, аларга майлоочу заттарды беришсе,

4 анан падышага жаккан кыз Баштинин ордуна ханыша болуп калса кандай болот». Падыша бул сөздү жактырып, так ошондой кылды.

5 Борбор шаар Шушанда Бенжемин уруусунан Мордохай деген жүйүт бар эле. Ал – Жайырдын уулу, Жайыр – Шемейдин уулу, Шемей – Киштин уулу.

6 Ал Бабыл падышасы Небухаданасар туткундап кеткен Жүйүт падышасы Жайахин менен бирге Иерусалимден туткундалып келген.

7 Ал агасынын кызы Адасаны (Эстерди) тарбиялап өстүргөн, анткени кыздын атасы да, энеси да жок болчу. Ал келбети келишкен, сулуу кыз эле. Атасы менен энеси көз жумгандан кийин, кызды Мордохай асырап алган.

8 Падышанын буйругу менен токтому жарыялангандан кийин, борбор шаар Шушанга көптөгөн кыздар чогултулуп, Эйгенин көзөмөлүнө тапшырылганда, Эстер да падыша үйүнө, падыша аялдарын кайтарган Эйгенин көзөмөлүнө алынган.

9 Бул кыз Эйгеге жагып, андан ырайым тапты. Ошондо Эйге майлоочу заттарды жана ага арналган нерселердин баарын бергенче, ошондой эле падыша үйүндөгү кыздардан анын жанында болууга татыктуу болгон жети кызды койгончо шашты. Аны жана анын жанындагы кыздарды аялдар турган үйдүн эң жакшы бөлмөсүнө жайгаштырды.

10 Эстер өз эли жөнүндө, өз теги жөнүндө эч нерсе айткан жок, анткени Мордохай айтпа деп үйрөткөн.

11 Мордохай Эстердин ден соолугун, аны эмне кылып жатышканын билиш үчүн, ар күнү аялдар турган үйдүн короосуна келип турду.

12 Ар бир кыздын Акашбейрош падышага кирүү маалы келгенге чейин, аларды майлоочу заттар менен, башкача айтканда, алты ай мирра менен, алты ай жыпар жыттуу заттар менен, аялдардын ар кандай майлары менен майлашчу. Он эки айдын ичинде аялдарга белгиленген шарттын бардыгы аткарылып бүткөндөн кийин гана кыз падышанын үйүнө кирчү.

13 Аялдар үйүнөн падыша үйүнө кириш үчүн, кыз эмнени талап кылса, ага ошонун бардыгын беришчү.

14 Кыз кечинде кирип, эртең менен аялдарга даярдалган бөлөк үйгө, күң аялдарды кайтарган падышанын эбнуху Шаашхаздын көзөмөлүнө кайтып келчү. Андан кийин падыша өзү кааламайынча, аты аталып чакырылмайынча, ал падышага кирчү эмес.

15 Мордохай асырап алган, агасы Абыгайылдын кызы Эстердин падышага кирер маалы келгенде, ал падыша аялдарын кайтарган падышанын эбнуху Эйгенин айтканынан башка эч нерсе сураган жок. Эстерди көргөндөрдүн баары жактырып калышты.

16 Ошентип, Эстер Акашбейрош падышанын падыша үйүнө анын падышачылыгынын жетинчи жылынын онунчу айында, башкача айтканда, Тебейт айында алынды.

17 Падыша Эстерди бардык аялдарынан жакшы көрүп калды. Ал падышага башка кыздарга караганда көбүрөөк жагып, андан ырайым тапты. Падыша анын башына ханышалык таажы кийгизип, Баштинин ордуна ханыша кылды.

18 Анан падыша Эстер үчүн өзүнүн бардык төрөлөрү менен кызматчыларына чоң той берди. Падыша бардык дубандарга жеңилдик берип, берешендик менен белек таратты.

**Мордохайдын падышанын өмүрүн сактап калышы**

19 Кыздарды экинчи жолу чогултушканда, Мордохай падыша дарбазасынын алдында отурган.

20 Мордохай үйрөткөндөй, Эстер өз эли, өз теги жөнүндө айта элек болчу. Эстер Мордохайдын айткан сөзүн анын колунда тарбияланып жаткан кездегисиндей эле, азыр да так аткарды.

21 Мордохай падыша дарбазасынын алдында отурганда, босого кайтарган падышанын эки эбнуху Биктан менен Тереш падышага кыжырланып, Акашбейрош падышаны өлтүрүүнү ойлошту.

22 Аны Мордохай билип калып, Эстерге кабарлап койду, Эстер болсо аны Мордохайдын атынан падышага айтты.

23 Бул иш изилденип, чын болуп чыкты. Ошондо экөөнү тең даракка асып таштashты. Мордохайдын кылган жакшылыгы жөнүндө падышанын күндөлүк жазуу китебине жазылып калды.

**3-БӨЛҮМ**

**Амандын кыянатчылыгы**

1 Ошондон кийин Акашбейрош падыша агактык Амадат уулу Аманды жогорку кызматка көтөрүп, аны өзүнүн карамагындагы бардык төрөлөрдөн жогору койду.

2 Ошондо падышанын карамагындагы, падыша дарбазасынын алдындагы кызматчылардын бардыгы Амандын алдында жерге жете ийилип таазим кылышчу, анткени падыша ошондой кылууну буйруган. Бирок Мордохай жерге жете ийилип таазим кылчу эмес.

3 Падышанын дарбазасынын алдында кызмат кылган падыша кызматчылары Мордохайга: «Сен эмне үчүн падышанын буйругун аткарбай жатасың?» – дешти.

4 Алар күндө айтып жатышса да, ал укпай койду. Ошондо алар Мордохай өз сөзүнө турар бекен деп, Аманга билдиришти. Анткени ал өзүнүн жүйүт экенин аларга айткан болчу.

5 Аман өзүнө Мордохайдын жерге жете ийилип таазим кылбай жатканын көргөндө, каары кайнады.

6 Бирок Аманга жалгыз Мордохайды өлтүрүп коюу аз көрүндү. Ага Мордохайдын кайсы элден экенин айтышканда, ал Акашбейроштун падышачылыгындагы бардык жүйүттөрдү Мордохайдын эли катары кырып салууну туура көрдү.

7 Биринчи айда, башкача айтканда, Нисан айында падыша Акашбейроштун падышачылыгынын он экинчи жылында Амандын алдында күн сайын, ай сайын өкчөмө таш ыргытышты. Ошондо өкчөмө таш он экинчи айга – Адар айына түштү.

8 Аман Акашбейрош падышага мындай деди: «Сен падышачылык кылган бардык дубандарда эл арасына чачылган, таралган бир эл бар. Алардын мыйзамы башка элдердин мыйзамдарынан айырмаланат, алар падышанын мыйзамын аткарышпайт, падыша аларды ушул бойдон калтырбашы керек.

9 Эгерде падыша туура көрсө, аларды кырып салууга буйрук берсин. Падышанын казынасына салыш үчүн, мен падыша кызматчыларынын колуна он миң талант күмүш тартып берем».

10 Ошондо падыша жүйүттөргө каршы чыгарган буйругун бекитиш үчүн, колундагы шакекти чыгарып, агактык Амадаттын уулу Аманга берди.

11 Анан падыша Аманга: «Күмүштү да, элди да сага бердим. Кандай кылам десең, өзүң бил», – деди.

12 Биринчи айдын он үчүнчү күнү падышанын катчылары чакыртылды. Алар Амандын буйругун падышанын бийлөөчү төбөлдөрүнө, ар бир дубандагы башчыларга, ар бир элдин төрөлөрүнө ар бир дубандын өз арибинде, ар бир элдин өз эне тилинде жазып жөнөтүштү. Бардыгы Акашбейрош падышанын атынан жазылып, падышанын мөөр шакеги менен бекитилди.

13 Он экинчи айдын он үчүнчү күнү, башкача айтканда, Адар айында бардык жүйүттөрдү: жашын да, карысын да, балдарды да, аялдарды да бир күндө кырып, алардын мал-мүлкүн талап алыш үчүн, чабармандар аркылуу падышанын бардык дубандарына каттар жөнөтүлдү.

14 Ошол күнгө бардык элдер даяр туруш үчүн, буйруктун көчүрмөсү мыйзам катары ар бир дубанга жарыяланды.

15 Чабармандар падышанын буйругун алып, шашылыш жөнөп кетишти. Бул буйрук борбор шаар Шушанда да жарыяланды. Падыша да, Аман да ичип-жеп отурушту, Шушан шаары болсо дүрбөлөңгө түшүп жатты.

**4-БӨЛҮМ**

**Жүйүттөрдүн орозо кармап сыйынышы**

1 Мордохай болгон иштин бардыгын билгенде, кийимдерин айрып, зумбал кийип, башына күл сээп, шаардын ортосуна чыгып, боздоп ыйлап,

2 падыша дарбазасынын алдына келди, анткени зумбалчан кишини падышанын дарбазасы аркылуу өткөрүшчү эмес.

3 Ошондой эле бардык дубандарда, падышанын буйругу менен токтому жеткен жердин бардыгында жүйүттөр орозо кармап, боздоп ыйлап, кайгырып жатышты. Зумбал менен күл көбүнө төшөк болду.

4 Эстердин кызматчы кыздары менен эбнухтары келип, болгон ишти айтып беришти, ошондо ханыша аябай коркуп кетти. Анан ал Мордохайга зумбалды чечип, башка кийим кийсин деп, кийим берип жиберди, бирок ал аны албай койду.

5 Ошондо Эстер Атахты чакырып алды. Падыша аны эбнухтардын ичинен Эстерге кызмат кылууга бөлүп койгон. Эстер Мордохайга эмне болгонун, эмне үчүн ушинтип жатканын билиш үчүн, Атахты ага жөнөттү.

6 Атах падыша дарбазасынын алдындагы шаар аянтында турган Мордохайга барды.

7 Мордохай ага эмне болгонунун баарын айтып берди, Амандын жүйүт элин кырыш үчүн, падышанын казынасына тартып берем деп убада кылган күмүшүнүн салмагын да айтты.

8 Анан ал жүйүт элин кыруу тууралуу Шушандагы элге жарыяланган буйруктун көчүрмөсүн Эстерге көрсөтүш үчүн, ага баарын билдириш үчүн, ал падышага барып, андан ырайым сурап, өз эли үчүн өтүнүшү үчүн, аны Атахтын колуна тапшырды.

9 Атах келип, Мордохайдын сөзүн Эстерге айтып берди.

10 Эстер Атахты Мордохайга мындай деп айттыруу үчүн кайра жөнөттү:

11 «Эркек болобу, аял болобу, ким падыша сарайында отурган падышага чакыртылбай кирсе, ал өлүм жазасына тартыларын падышанын карамагындагы бардык кызматчылар да, падышанын дубандарындагы эл да билишет. Падыша алтындан жасалган падыша таягын кимге сунса, ошол гана аман калат. Менин падышага чакыртылбаганыма отуз күндүн жүзү болду».

12 Эстердин сөзүн Мордохайга айтып беришти.

13 Мордохай Эстерге мындай жооп айтты: «Жүйүттөрдүн ичинен жалгыз өзүң падышанын үйүндө аман калам деп ойлобо.

14 Эгерде сен азыр унчукпай койсоң, анда жүйүт элине эркиндик менен куткарылуу башка жактан келет, бирок сен атаңдын тукуму менен кошо өлөсүң. Ким билет, балким, сен ханышалык даражага мына ушундай мезгил үчүн жеткендирсиң?»

15 Ошондо Эстер Мордохайга мындай жооп жөнөттү:

16 «Бар, Шушандагы бардык жүйүттөрдү чогулт. Мен үчүн орозо кармагыла, үч күн күнү-түнү менен эч нерсе жебегиле да ичпегиле. Мен өзүм да кызматчы кыздарым менен орозо кармайм, андан соң мыйзамга каршы келсе да, падышага барам. Өлсөм, өлөйүн».

17 Мордохай жөнөп кетти. Эстер кандай буйруса, ал так ошондой кылды.

**5-БӨЛҮМ**

**Эстердин эрдиги**

1 Үчүнчү күнү Эстер ханыша кийимин кийип, падыша сарайынын ички короосуна келди. Падыша ошол учурда падыша сарайында, өз тактысында, эшиктин тушунда отурган. Падыша кире бериште турган Эстер ханышаны көрдү. Ошондо Эстер падышадан ырайым тапты.

2 Падыша колундагы алтындан жасалган падыша таягын Эстерге сунду, ошондо Эстер жанына келип, таяктын учуна колун тийгизди.

3 Падыша ага: «Эстер ханыша, сага эмне керек? Кандай өтүнүчүң бар? Ал турсун, сага жарым падышачылык да берилет», – деди.

4 Эстер: «Эгерде падыша туура көрсө, бүгүн Аман менен тойго келсин, мен падыша үчүн той даярдадым», – деди.

5 Падыша: «Эстердин сөзүн аткарыш үчүн, тезирээк Аманды алып келгиле», – деди. Ошентип, Эстер даярдаган тойго падыша Аман менен келди.

6 Шарап ичилип жатканда, падыша Эстерге: «Эмне каалайсың? Сенин каалаганың канааттандырылат. Кандай өтүнүчүң бар? Жарым падышачылыкты сурасаң да, берем», – деди.

7 Ошондо Эстер падышага мындай деди: «Менин каалаганым жана өтүнүчүм мындай:

8 эгерде мен падышанын алдында ырайым тапсам, эгерде падыша каалаганымды канагаттандыргысы келсе, өтүнүчүмдү аткаргысы келсе, анда мен алар үчүн даярдай турган тойго падыша Аман менен эртең да келсин, падышанын сөзүн мен эртең аткарам».

9 Ошол күнү Аман падышанын үйүнөн өзүн бактылуу сезип, көңүлдүү чыкты. Бирок Аман падышанын дарбазасынын алдында отурган Мордохайды көргөндө, абдан кыжыры келди, анткени ал ордунан турмак түгүл, козголуп да койгон жок.

10 Бирок Аман өзүн өзү кармады. Үйүнө келгенде, достору менен аялы Зерешти чакыртты.

11 Аман аларга өзүнүн сан жеткис байлыгы жөнүндө, уулдарынын көптүгү жөнүндө, падыша зоболосун көтөргөндүгү жөнүндө, кызматчылары менен төрөлөрүнөн канчалык жогору көтөргөндүгү жөнүндө айтып берди.

12 Ал дагы мындай деди: «Ханыша Эстер да өзү даярдаган тойго менден бөлөк эч кимди падышага кошуп чакырбаптыр. Эртең да мен падыша менен аныкына чакырылдым.

13 Бирок мен падышанын дарбазасынын алдынан жүйүт Мордохайдын отурганын көрүп турганда, ушунун баарына ыраазы эмесмин».

14 Ошондо аялы Зереш жана келген бардык достору ага: «Бийиктиги элүү чыканакка жеткен жыгач мамы даярдашсын, эртең менен эрте падышага айт, Мордохайды ошого астырып салсын, андан соң падыша менен тойго көңүлдүү бара бер», – дешти. Бул сөз Аманга абдан жагып, жыгач мамы даярдап койду.

**6-БӨЛҮМ**

**Амандын Мордохайга урмат көрсөтүшү**

1 Ошол түнү Теңир падышанын уйкусун алды. Ошондо падыша күндөлүк иштер жазылган тарых китебин алып келүүнү буйруду. Китепти падыша алдында окушту.

2 Ал китептен Мордохайдын босого кайтарган падышанын эки эбнуху Биктан менен Терештин Акашбейрош падышаны өлтүрүүнү ойлогонун кабарлаганы тууралуу окушту.

3 Ошондо падыша: «Бул үчүн Мордохайга кандай урмат-сый көрсөтүлдү эле?» – деп сурады. Падышанын кызматчылары: «Эч кандай сый көрсөтүлгөн эмес», – деп жооп беришти.

4 Падыша: «Босогодо турган ким?» – деп сурады. Ошондо Аман өзү даярдаган жыгач мамыга Мордохайды астырыш үчүн, падыша менен сүйлөшүүгө падыша сарайынын кире беришиндеги бөлмөгө келген эле.

5 Кызматчылар падышага: «Кире бериште Аман турат», – деп айтышты. Падыша: «Кирсин», – деди.

6 Аман кирди. Падыша ага: «Падыша урмат-сый көрсөткүсү келген адамга эмне кылыш керек?» – деди. Аман ичинен: «Падыша менден башка кимге урмат көрсөтмөк эле?» – деп ойлоду.

7 Аман падышага мындай деди: «Падыша урмат көрсөткүсү келген адамга мындай кылыш керек:

8 ага падыша кийчү кийимди алып келишсин, алдына падыша минип жүргөн атты тартышсын, башына падыша таажысын кийгизишсин.

9 Ал кийимдерди, атты падышанын атактуу төрөлөрүнүн бирине берсин, ал төрө падыша урмат көрсөткүсү келген адамга ошол кийимди кийгизип, аны ошол атка мингизип, атты жетелеп, шаар аянтына алып чыгып, анын алдында: "Падыша урмат-сый көрсөткүсү келген адамга ушундай кылынат!" – деп жар салсын».

10 Ошондо падыша Аманга: «Өзүң айткан кийим менен атты тезинен алып, падыша дарбазасынын алдында отурган жүйүт Мордохайга ошондой кыл, өзүң айткандын баарын жаса, эч нерсе калтырба», – деди.

11 Аман кийим менен атты алып, кийимди Мордохайга кийгизип, атын жетелеп, шаар аянтына алып чыкты да, анын алдында: «Падыша урмат көрсөткүсү келген адамга ушундай кылынат!» – деп жар салды.

12 Андан кийин Мордохай падыша дарбазасына кайтып келди. Аман капаланган, башын жапкан бойдон үйүнө шашып жөнөдү.

13 Эмне болгонунун баарын Аман аялы Зерешке жана досторуна айтып берди. Акылмандары менен аялы Зереш ага: «Сен Мордохайдын айынан кулай баштадың, ал жүйүттөрдүн тукумунан чыкса, анда ага күчүң жетпейт, анын алдында кулап калат окшойсуң», – дешти.

**Амандын өлтүрүлүшү**

14 Алар Аман менен сүйлөшүп бүтө электе эле, падышанын эбнухтары келип, аны Эстер даярдаган тойго шаштырышты.

**7-БӨЛҮМ**

1 Ошентип, падыша Аман менен ханыша Эстердин тоюна келди.

2 Тойдун экинчи күнү падыша Эстерге: «Эмне каалайсың, Эстер ханыша? Ошол каалооң канааттандырылат, кандай өтүнүчүң бар? Жарым падышачылыкты сурасаң да, берем», – деди.

3 Эстер ханыша мындай деп жооп берди: «Падыша, эгерде мен сенин алдыңда ырайым тапкан болсом, эгерде падыша туура көрсө, анда менин каалоом боюнча жанымды куткарып кал, менин өтүнүчүм боюнча элим аман калсын!

4 Анткени мен да, менин элим да кырылыш үчүн, жок болуш үчүн, өлүш үчүн сатылганбыз. Эгерде биз кулдукка, күңдүккө эле сатылган болсок, анда мен унчукпайт элем, бирок душман падышанын жоготуусунун ордун толтура албайт».

5 Ошондо Акашбейрош падыша Эстер ханышага: «Мындай кылууга батынган неме ким, ал кайда?» – деди.

6 Эстер: «Касыбыз да, душманыбыз да – ушул кыянатчыл Аман!» – деди. Ошондо Аман падыша менен ханышанын алдында калтырап кетти.

7 Падыша тойдон каарданып чыгып, падыша сарайынын багына барды. Аман болсо жан соогалап, Эстер ханышага жалынды, анткени падышанын катуу өкүм чыгарганын билди.

8 Падыша сарайынын багынан падыша той өтүп жаткан жерге кайра келгенде, тахтадагы Эстерге жабышкан Аманды көрүп: «Ал тургай, менин үйүмдө ханышаны зордуктагысы барбы?» – деди. Бул сөз падышанын оозунан чыгары менен, Амандын жүзүн чүмкөй салышты.

9 Ошондо падышага кызмат кылган эбнухтардын бири Харбон: «Падышага жакшылык каалагандыктан кабар берген Мордохай үчүн Аман даярдаган, бийиктиги элүү чыканак болгон жыгач мамы Амандын үйүнүн жанында турат», – деди. Падыша: «Ошол жыгач мамыга өзүн асып салгыла!» – деди.

10 Ошентип, алар Амандын Мордохай үчүн жасаган жыгач мамысына өзүн асып салышты. Ошондо гана падышанын ачуусу тарады.

**8-БӨЛҮМ**

**Мордохайдын жогорку кызматка коюлушу**

1 Ошол күнү Акашбейрош падыша жүйүттөрдүн душманы Амандын үйүн Эстер ханышага берди. Мордохай падышанын алдына кирди, анткени Эстер падышага Мордохай эмнеси болорун айткан эле.

2 Ошондо падыша Амандын колунан чыгарып алган өз шакегин Мордохайдын колуна салды. Эстер болсо Мордохайды Амандын үйүнө башчы кылды.

3 Эстер падыша менен кайрадан сүйлөшүп, анын бутуна жыгылып, ыйлап, андан агактык Амандын кыянат ишин жана анын жүйүттөргө каршы жаман ниетин жокко чыгаруусун өтүндү.

4 Падыша Эстерге алтындан жасалган падыша таягын сунду. Эстер өйдө болуп, падышанын алдында турду.

5 Анан мындай деди: «Эгерде падыша туура көрсө, эгерде мен анын алдында ырайым тапсам, эгерде бул иш падышанын алдында адилеттүү болуп эсептелсе, эгерде мен ага жаксам, анда агактык Амадат уулу Амандын

жаман ниети боюнча падышанын бардык дубандарындагы жүйүттөрдү кыруу жөнүндө жазылган каттар кайтарылышы үчүн буйрук жазылса экен.

6 Мен өз элимдин башына түшкөн мүшкүлдү кантип карап турам, бир туугандарымдын кырылып жатканын кантип карап турам?»

7 Ошондо Акашбейрош падыша Эстер ханыша менен жүйүт Мордохайга мындай деди: «Амандын үйүн Эстерге бердим, өзүн болсо жүйүттөргө каршы чыкканы үчүн, жыгач мамыга астырып салдым.

8 Силер да падышанын атынан жүйүттөр жөнүндө өзүңөр каалагандай буйрук жазып, падышанын мөөр шакегин баскыла, анткени падыша атынан жазылып, анын мөөр шакеги басылган катты өзгөртүүгө болбойт».

9 Үчүнчү айда, башкача айтканда, Сибан айынын жыйырма үчүнчү күнү падышанын катчылары чакыртылды. Алар Мордохай буйругандай кылып жүйүттөргө, падышанын бийлөөчү төбөлдөрүнө, аймак башкаруучуларына, дубан башчыларына, Индиядан Эфиопияга чейин жайгашкан жүз жыйырма жети дубандын ар бирине өз ариби менен, ар бир элдин өз тилинде, жүйүттөргө өз ариби менен, өз тилинде каттарды жазышты.

10 Мордохай аларды Акашбейрош падышанын атынан жазып, падышанын мөөр шакегин басып, чабармандарды ат, төө, качыр менен жөнөттү.

11 Ал катта ар кайсы шаарларда турган жүйүттөр чогулуп, өз өмүрлөрүн сакташ үчүн, өздөрүнө каршы чыккан элдин арасындагы жана дубандагы күчтүүлөрдүн баарын кырып, жок кылып, өлтүрүп, алардын балдарын, аялдарын, мал-мүлкүн талап-тоноп алууга падышанын жүйүттөргө уруксат бергени жөнүндө жазылган эле.

12 Акашбейрош падышанын бул буйругу бардык дубандарда бир күндө, он экинчи айдын, башкача айтканда, Адар айынын он үчүнчү күнү аткарылсын деп көрсөтүлгөн.

13 Бүт элдерге мыйзам катары жарыялана турган бул буйруктун көчүрмөсү ар бир дубанга жеткирилсин, жүйүттөр ошол күнү душмандарынан өч алууга даяр турушсун деп айтылган.

14 Падышанын буудандарына минген чабармандар падышанын буйругун шашылыш алып жөнөштү. Буйрук борбор шаар Шушанда да жарыяланды.

15 Ошондо Мордохай падышадан үстүнө ак, жакут түстүү падыша кийимин, башына чоң алтын таажы кийип, зыгыр кездемеден тигилген кочкул кызыл жамынгыч жамынып чыкты. Шушан шаары кубанычка жана шаттыкка бөлөндү.

16 Ошол күн жүйүттөр үчүн жарык чачкан, кубанычтуу, шаңдуу майрам күн болду.

17 Падышанын буйругу менен токтому жеткен бардык дубандардагы, бардык шаарлардагы, бардык жерлердеги жүйүттөрдүн кубанычы койнуна батпай, майрамдап, той өткөрүп жатышты. Өлкөдөгү элдердин көпчүлүгү жүйүттөрдөн корккондуктан, жүйүт болуп алышты.

**9-БӨЛҮМ**

**Жүйүттөрдүн өз душмандарынан өч алышы**

1 Он экинчи айда, башкача айтканда, Адар айынын он үчүнчү күнү – падышанын буйругу менен токтому орундалар убак келгенде, жүйүттөргө душмандары үстөмдүк кылабыз деп турган күнү бардыгы тескерисинче болду, жүйүттөр душмандарына бийлик кылып калышты.

2 Ошол күнү Акашбейрош падышанын бардык дубандарындагы жүйүттөр жамандык каалаган душмандарына кол салыш үчүн, өз шаарларына топтолуп жатышты. Алардын алдында эч ким туруштук бере алган жок, анткени алардан бардык элдердин үрөйү учуп калган эле.

3 Дубандардагы төрөлөр, бийлөөчү төбөлдөр, дубан башчылар, падышанын иштерин аткаруучу кызматчылар жүйүттөрдү колдоп кетишти, анткени алар Мордохайдан коркуп калышкан эле.

4 Анткени Мордохай падыша сарайында чоң кызматчы болчу. Анын кадыр-баркы көтөрүлгөндөн көтөрүлүп, атагы бүт дубандарга тарап жаткан.

5 Жүйүттөр бардык душмандарын кылычтап кырып, жок кылып жатышты, аларды өз билгендериндей кылып жатышты.

6 Жүйүттөр борбор шаар Шушанда беш жүз кишини кырышты.

7 Алар Паршандатты, Далпону, Аспатты,

8 Поратты, Адалияны, Аридатты,

9 Пармаштаны, Арисайды, Аридайды, Байзатты –

10 жүйүттөрдүн душманы Амадат уулу Амандын аталган он баласын өлтүрүп салышты, бирок мал-мүлктөрүнө тийишкен жок.

11 Ошол эле күнү борбор шаар Шушандагы өлтүрүлгөндөрдүн санын падышага жеткиришти.

12 Ошондо падыша Эстер ханышага мындай деди: «Жүйүттөр борбор шаар Шушанда беш жүз кишини, Амандын он баласын өлтүрүштү. Алар падышанын калган дубандарында эмне кылышты экен? Эмнени каалайсың? Каалаганың канагаттандырылат. Дагы кандай өтүнүчүң бар? Ал өтүнүчүң да аткарылат».

13 Эстер: «Эгер падыша туура көрсө, Шушанда жашаган жүйүттөргө бүгүнкү кылгандарын эртең да кылууга, Амандын он уулун жыгач мамыга асып салууга уруксат берсин», – деди.

14 Падыша ошондой кылууга буйрук берди, ал буйрук Шушанда берилди, Амандын он уулун асып салышты.

15 Шушандагы жүйүттөр Адар айынын он төртүнчү күнү да чогулуп келип, Шушанда үч жүз кишини өлтүрүштү, бирок мал-мүлктөрүнө тийишкен жок.

16 Падышанын башка дубандарында жашаган жүйүттөр да өз өмүрлөрүн коргош үчүн, душмандарынан коопсуз болуш үчүн чогулушуп, душмандарынан жетимиш беш миң адамды кырып салышты, бирок алардын мал-мүлктөрүнө тийишкен жок.

17 Бул Адар айынын он үчүнчү күнү болду, ошол эле айдын он төртүнчү күнү алар тынчып, ал күндү көңүлдүү, кубанычтуу майрам катары кабыл алышты.

18 Шушандагы жүйүттөр он үчүнчү күнү да, он төртүнчү күнү да чогулушуп, он бешинчи күнү гана тынчып, ал күндү алар кубанычтуу майрам катары өткөрүштү.

19 Ошондуктан айыл-кыштактарда жашаган жүйүттөр Адар айынын он төртүнчү күнүн майрам күн катары белгилеп, бири-бирине белектерди жиберип, салтанат менен өткөрүшөт.

**Пурим майрамы**

20 Мордохай бул окуяларды жазып, Акашбейрош падышанын алыскы жана жакынкы дубандарында жашаган бардык жүйүттөргө кат аркылуу жөнөттү.

21 Ал катта «Жүйүттөр жыл сайын Адар айынын он төртүнчү жана он бешинчи күнүн майрамдашсын» деген буйрук жазылган.

22 «Бул күндөрдү жүйүттөр душмандарынан коопсуз болуп, тынч жашаган күндөр катары, бул айды болсо кайгысы шаттыкка айланган, муңу майрамга айланган ай катары, бири-бирине белек берип, жардыларга кайыр берүүчү кубанычтуу, көңүл ачуучу майрам катары майрамдашсын».

23 Жүйүттөр Мордохайдын жазган каты боюнча майрам өткөрө башташты, өздөрү да буга чейин майрамдап жатышкан эле.

24 Ал катта жүйүттөрдүн душманы агактык Амадат уулу Амандын жүйүттөрдү жок кылууну ойлоп, өкчөмө таш ыргытканы,

25 Эстердин падышага киргени, падышанын жаңы буйругу боюнча Амандын жүйүттөргө каршы ойлогон жаман ниети өз башына тийгени, өзүн да, уулдарын да жыгач мамыга асып салышканы жөнүндө жазылган эле.

26 Ошондуктан бул күндөрдү “пур” деген сөздөн Пурим деп аташты. Болгон иштерди өздөрү көрүп, өздөрүнүн башынан өткөргөндүктөн, бул каттагы бардык сөздөргө макул болушту.

27 Жазылган кат боюнча алар мындай токтом кабыл алышты: жүйүттөр ушул эки күндү жыл сайын, өз убагында балдары менен бирге, өздөрүнө кошулган эл менен бирге үзгүлтүксүз майрамдашсын;

28 бул күндөрдү ар бир уруу, ар бир дубан, ар бир шаар укумдан-тукумга, жыл сайын майрамдасын. Бул Пурим күндөрүн жүйүттөр алып салышпасын, бул күндөр алардын укум-тукумунун эсинен чыкпасын.

29 Абыгайыл кызы Эстер ханыша менен жүйүт Мордохай Пурим тууралуу жазылган жаңы каттагы буйрук аткарылсын деп, катуу талап менен дагы бир кат жазышты.

30 Тынчтык жана чындык сөздөрү жазылган ал каттарды бардык жүйүттөргө, Акашбейрош падышанын жүз жыйырма жети дубанына жөнөтүштү.

31 Ал каттарда жүйүт Мордохай менен Эстер ханыша алар үчүн белгилеген Пурим күндөрүн өз убагында өткөрүп туруу жөнүндө, орозо кармап, боздоп ыйлаган күндөрдү эстеринен чыгарбаш үчүн, өздөрү да, балдары да бул күндөрдү майрам катары өткөрүшү керектиги жөнүндө жазылган.

32 Пурим тууралуу жазылган ушул катты Эстер ушундай буйрук менен бекитти, ал буйрук китепке жазылды.

**10-БӨЛҮМ**

**Мордохайдын падышадан кийинки экинчи адам болуп калышы**

1 Акашбейрош падыша бүт жерге жана деңиз аралдарына салык салды.

2 Акашбейроштун улуу иштери, ошондой эле анын Мордохайга урмат көрсөткөнү, аны жогорку кызматка койгону толугу менен Мадай жана Персия падышаларынын тарых китептеринде жазылды.

3 Жүйүт Мордохай Акашбейрош падышадан кийинки экинчи адам болду. Ал жүйүттөрдүн улуу инсаны
жана өз бир туугандарынын сүйүктүү адамы болду, анткени ал дайыма өз элине жакшылык каалап, өз
элинин жыргалчылыгын көздөп сүйлөчү.

**АЮБ**

**1-БӨЛҮМ**

**Аюбдун такыбаалыгы**

1 Ус деген жерде бир адам болгон, анын ысымы Аюб эле. Ал кемчиликсиз, адилеттүү, Кудайдан корккон, жамандыктан алыс жүргөн адам болчу.

2 Анын жети уулу, үч кызы болгон.

3 Анын энчисинде: жети миң майда мал, үч миң төө, беш жүз жуп өгүз, беш жүз ургаачы эшек жана көп сандаган үй кызматчылары бар эле. Ал чыгыш элдеринин ичинен эң атактуу адам болгон.

4 Анын уулдары чогулуп, ар бири өз үйүндө, өз күнү келгенде, той өткөрүп турчу. Алар чогуу ичип-жеш үчүн, үч кыз бир тууганын киши жиберип чакыртышчу.

5 Алардын той берген күндөрү кезеги менен өтүп бүткөндөн кийин, Аюб аларга киши жиберип чакыртып алып, аларды ыйыктачу. Эртең менен эрте туруп, алардын санына жараша бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык чалчу. Анткени Аюб: «Балким, уулдарым ичинен Кудайга акарат айтып, күнөөгө баткандыр», – деп ойлочу. Бардык ушундай күндөрү Аюб ушундай кылып турчу.

6 Бир күнү Кудайдын уулдары Теңирдин алдында туруш үчүн келишти, алар менен кошо шайтан да келди.

7 Ошондо Теңир шайтандан: «Сен кайдан келдиң?» – деп сурады. Шайтан Теңирге: «Мен бүт жер жүзүн аралап, айланып чыктым», – деп жооп берди.

8 Теңир шайтанга: «Сен Менин кулум Аюбга көңүл бурдуңбу? Анткени жер жүзүндө андай адам жок. Ал – кемчиликсиз, адилеттүү, Кудайдан корккон, жамандыктан алыс жүргөн адам», – деди.

9 Ошондо шайтан Теңирге мындай деп жооп берди: «Аюб Кудайдан бекеринен коркот бекен?

10 Аны да, анын тукумун да, анын колунда болгонунун бардыгын коргогон Сен эмессиңби? Анын бардык ишине батаңды бердиң, анын жер жайнаган малы бар.

11 Бирок колуңду сунуп, анын колунда болгонунун бардыгына колуңду тийгизип көрчү, ал Сени даңктар бекен?»

12 Ошондо Теңир шайтанга: «Мына, анын колунда болгонунун баары сенин колуңда, бирок өзүнө тийбе», – деди. Ошентип, шайтан Теңирдин алдынан кетти.

**Аюбдун балдарынан жана байлыгынан ажырашы**

13 Анын уулдары менен кыздары тун бир тууганынын үйүндө тамак жеп, шарап ичип жаткан күнү

14 Аюбга кабарчы келип, мындай деп билдирди:

15 «Өгүздөр кош айдап жатышкан, алардын жанында ургаачы эшектер оттоп жүрүшкөн, ошондо шебалыктар кол салып, аларды тартып алышты, кулдарды болсо кылычтап өлтүрүштү. Сага кабарлаш үчүн, жалгыз мен качып кутулдум».

16 Ал сүйлөп бүтө электе, дагы бирөө келип: «Асмандан Кудайдын оту түшүп, малды да, кулдарды да күйгүзүп кетти. Сага кабарлаш үчүн, жалгыз мен качып кутулдум», – деп айтты.

17 Ал сүйлөп бүтө электе, дагы бирөө келип: «Каздимдиктер үч топко бөлүнүп алып, төөлөргө кол салып, аларды алып кетишти, кулдарды болсо кылычтап өлтүрүштү. Сага кабарлаш үчүн, жалгыз мен качып кутулдум», – деп айтты.

18 Ал сүйлөп бүтө электе, дагы бирөө келип, мындай деди: «Сенин уулдарың менен кыздарың тун бир тууганынын үйүндө тамак жеп, шарап ичип жатышканда,

19 чөлдөн катуу шамал келип, үйдү талкалады. Балдарыңды үй басып калды, алар өлүштү. Сага кабарлаш үчүн, жалгыз мен качып кутулдум».

20 Ошондо Аюб тура калып, сырт кийимин айрып, чачын алды, жүзтөмөндөп жыгылып, Кудайга таазим кылып:

21 «Мен бул дүйнөгө жылаңач келгем, жылаңач кетем. Берген да Теңир, алган да Теңир. Теңирдин ысымы даңкталсын!» – деди.

22 Ошонун бардыгына карабастан, Аюб күнөө кылган жок, Кудайга акарат келтирген жок!

**2-БӨЛҮМ**

**Аюбдун пес оорусуна чалдыгышы**

1 Бир күнү Кудайдын уулдары Теңирдин алдында туруш үчүн келишти, алар менен кошо шайтан да келди.

2 Ошондо Теңир шайтандан: «Сен кайдан келдиң?» – деп сурады. Шайтан Теңирге: «Мен бүт жер жүзүн аралап, айланып чыктым», – деп жооп берди.

3 Теңир шайтанга: «Сен Менин кулум Аюбга көңүл бурдуңбу? Анткени жер жүзүндө андай адам жок. Ал – кемчиликсиз, адилеттүү, Кудайдан корккон, жамандыктан алыс жүргөн адам. Ал ушуга чейин өзүнүн кемчиликсиздигинде бек турат. Сен болсо аны жазыксыз жерден өлтүрүш үчүн, Мени ага каршы тукурдуң», – деп айтты.

4 Шайтан Теңирге мындай деп жооп берди: «Тери үчүн тери, адам өз жаны үчүн колунда эмне болсо, ошонун бардыгын берет.

5 Бирок Сен анын денеси менен сөөгүнө колуңду тийгизип көрчү, ал Сени даңктар бекен?»

6 Ошондо Теңир шайтанга: «Мына, ал сенин колуңда, бирок анын жанына тийбе», – деп айтты.

7 Ошентип, шайтан Теңирдин алдынан кетип, Аюбдун таманынан төбөсүнө чейин өтө оор пес оорусун каптатты.

8 Ал денесиндеги пес оорусун кырып салыш үчүн, карапа сыныгын алып, күлгө отурду.

9 Ошондо ага аялы: «Сен дагы эле өзүңдүн кемчиликсиздигиңде бек турасыңбы? Кудайга акарат келтир да, өл», – деди.

10 Бирок ал аялына: «Сен акылсыз аялдай сүйлөп жатасың. Кудайдан биз жакшылыкты кабыл алып, жамандыкты кабыл албай коёбузбу?» – деди. Ушунун баарына карабай, Аюб тили менен күнөөгө баткан жок.

**Аюбдун достору**

11 Аюбдун үч досу: теймандык Элипаз, шухтук Билдат жана наамалык Сопар анын башына түшкөн бул кыйынчылыктардын баарын угуп, ар бири өз жеринен келишти. Алар анын кайгысын бөлүшүш үчүн, аны сооротуш үчүн чогулушту.

12 Алар Аюбду алыстан көргөндө, таанышкан жок. Жакындаганда өкүрүп-бакырып, боздоп ыйлашты, ар бири өз кийимин айрып, башынан өйдө топурак чачышты.

13 Алар жети күн, жети түн аны менен бирге жерде отурушту. Эч кимиси бир ооз сөз сүйлөгөн жок, анткени анын кайгысы өтө оор экенин көрүштү.

**3-БӨЛҮМ**

**Аюбдун кайгырышы**

1 Ошондон кийин Аюб сөз баштап, өзү туулган күндү каргады.

2 Аюб сөзүн мындай деп баштады:

3 «Мен туулган күн курусун, “Эркек бала түйүлдү”, – деген түн курусун!

4 Ал күн караңгылык болсун. Жогорудагы Кудай ал күндү издебесин, ал күнгө жарык тийбесин!

5 Ал күндү караңгылык менен өлүм сөлөкөтү караңгылатсын, ал күндү кара булут каптасын, куйкалаган аптаптан корккондой, ал күндөн коркуп турушсун!

6 Ал түндү караңгылык басып калсын, ал түн жыл эсебине кирбесин, айлардын санына кирбесин!

7 Оо, ошол түн! Ошол түн тукумсуз калсын, ошол түнү шаттык үнү угулбасын!

8 Ал түндү күндү каргаган лебийатанды ойготууга жөндөмдүүлөр каргашсын!

9 Анын таң атардагы жылдыздары өчсүн, ал түн жарыкты күтсүн, бирок ал келбесин, ал түн таңдын нурун көрбөсүн!

10 Анткени ал түн энемдин жатынын бууган жок, кайгыны көздөрүмдөн жашырган жок!

11 Энемдин жатынынан чыгып баратканда эле, эмне үчүн өлүп калбадым экен, энемдин ичинен чыкканда, эмне үчүн өлүп калбадым экен?

12 Эмне үчүн мен төрөлгөндө, мени энемдин тизелерине жаткырышты экен? Эмне үчүн эмчек эмдим экен?

13 Азыр мен эс алып, уктап жатмакмын, жаныма тынч болмок,

14 өздөрүнө күмбөз курган жер жүзүндөгү падышалар жана кеңешчилер менен,

15 же алтынга бай, үйлөрүн күмүшкө толтурган төрөлөр менен жатмакмын.

16 Же бойдон түшүп, жерге жашырылып калсам эмне, же жарык дүйнөнү көрбөй калган наристедей болуп өлүп калсам эмне!

17 Ал жакта мыйзамсыздар үрөй учурбай калышат, ал жакта күчтөн тайып алсырагандар эс алышат.

18 Ал жакта туткундар да тынчтыкка магдырашат, көзөмөлчүлөрдүн кыйкырыгын угушпайт.

19 Ал жакта кичине да, чоң да бирдей, кул өз кожоюнунан кутулган.

20 Жабыр тартканга жарык эмнеге берилди экен, жаны кыйналганга жашоо эмнеге берилди экен?

21 Өлүмдү күткөндөргө өлүм келбейт, алар кенчке караганда өлүмдү жан-дили менен казып алышпайт беле?

22 Алар көрдөн жай тапканына сүйүнүп, кубанычтары коюндарына батмак эмес.

23 Жолу жабык адамга жарык эмнеге берилди? Кудай караңгылык менен курчаган адамга жарык эмнеге берилди?

24 Үшкүрүгүм нан жегизбей жатат, онтоолорум суудай агып жатат.

25 Анткени мен эмнеден үрөйүм учуп качып жүрсөм, ошол мени кууп жетти. Мен эмнеден корксом, ошол келди.

26 Мага тынчтык да жок, эс алуу да жок, кубаныч да жок, башыма мүшкүл түштү».

**4-БӨЛҮМ**

**Элипаздын биринчи сөзү**

1 Теймандык Элипаз мындай деп жооп берди:

2 «Эгерде биз бир сөз айтсак, сага катуу тийбес бекен? Бирок сөзгө ким тыюу сала алат?

3 Сен көптөргө акыл-насаат айтчусуң, алсыз колдорго күч берчүсүң,

4 сенин сөздөрүң жыгылганды тургузган, алсырап тизе бүккөнгө күч берген.

5 Эми өзүңдүн башыңа мүшкүл түшкөндө, алсырап калдың. Сага тийди эле, көңүлүң чөктү.

6 Кудайдан коркконуугуң сенин үмүтүң, такыбаа жашаганың сенин тирегиң болуш керек эле да.

7 Эстеп көрчү, айыпсыз адам өлдү беле? Адил адамдар тукум курут болду беле?

8 Мен көргөндөн, кыянаттык эккендер менен жамандык сепкендер ошону эле оруп алып жатышат.

9 Кудайдын деминен өлүшөт, Кудайдын каардуу рухунан жок болуп кетишет.

10 Арстандын айкырыгы менен жаш арстандын үнү басылат, жаш арстандын азуусу сынат.

11 Зор арстан жем таба албай өлөт, ургаачы арстандын күчүктөрү тентип кетишет.

12 Мына, мага бир сөз жашыруун жетти, мен ал сөздөн шыбыш уктум.

13 Түнкү көрүнүштөр жөнүндө ойлоп жатканда, адамдарды уйку басканда,

14 мени коркунуч каптап, калтырак басып, сай-сөөгүм сыздады.

15 Үстүмөн бир рух учуп өттү, төбө чачым тик турду.

16 Ал турду, бирок мен анын өңүн тааный алган жокмун, көз алдымда бир кебете гана турду. Акырын соккон жел жүрдү, мен үн уктум:

17 “Адам Кудайдан да адилеттүү бекен? Адам өз Жаратканынан да таза бекен?”

18 Ал Өз кулдарына да ишене албайт, Өз периштелеринен да кемчиликтерди көрөт.

19 Андан бетер топурактан жасалган ийбадатканада жашагандардан да кемчилик көрөт. Алардын негизи топуракта, алар күбөдөн да тез жок болушат.

20 Алар таң атып кеч киргенге чейин эле чачырап жок болушат. Кантип жок болгонун көрбөй да каласың.

21 Өздөрү менен кошо алардын кадыр-баркы да жок болуп жаткан жокпу? Алар акылмандыкка жетпей өлүп жатышат.

**5-БӨЛҮМ**

1 Эгерде сага жооп бере турган бирөө болсо, анда чакыр. Ыйыктардын кимисине кайрыласың?

2 Ошентип, акылсызды каардуулугу өлтүрөт, эси жокту туталангычтыгы өлтүрөт.

3 Мен акылсыздын кантип тамыр жайганын көрдүм. Ошол замат анын үйүн каргадым.

4 Анын балдары бакыттан алыс, аларды дарбазанын алдында уруп-согушат, аларга болушар эч ким болбойт.

5 Анын түшүмүн ачка адам жейт, ал аны тикенектин арасында өскөн жеринен да жыйнап алат, анын мал-мүлкүн суусагандар жутуп алышат.

6 Ошондуктан кайгы топурактан чыкпайт, мүшкүл жерден өсүп чыкпайт.

7 Бирок адам бийикке учкан учкун сыяктуу азапка туулат.

8 Бирок мен Кудайга кайрылар элем, ишимди Кудайга тапшырар элем,

9 Ал изилдегис, сансыз көп, укмуштуу, улуу иштерди жаратып жатат.

10 Ал жер үстүнө жамгыр берет, талаага сууларды жаят.

11 Кемсинтилгендерди жогору көтөрөт, кайгы тарткандар куткарылат.

12 Ал жүзү каралардын арам ойлорун бузуп салат, ошондуктан алар ийгиликке жете алышпайт.

13 Ал акылмандарды өздөрүнүн эле амалы менен кармайт, митайымдардын ойлору ишке ашпайт.

14 Күндүз алар караңгыга туш болушат, чак түштө түндөгүдөй сыйпалап басышат.

15 Ал жакырды кылычтан, алардын оозунан жана күчтүүнүн колунан куткарат.

16 Ошондуктан жакырдын үмүтү бар, жалган өз оозун жабат.

17 Кудай эсине келтирген адам бактылуу, ошондуктан кудуреттүү Кудайдын жазасын четке какпа!

18 Анткени Ал Өзү жарадар кылат да, Өзү жаратты таңат. Ал уруп жарадар кылат да, кайра эле Өз колу менен дарылайт.

19 Ал сени алты кайгыдан куткарат, жетинчисинде сага жамандык жолобойт.

20 Ал ачарчылыкта сени ажалдан алып калат, майданда кылычтан куткарат.

21 Камчыдай тийген тилден жашынып каласың, кыйроо келгенде, коркпойсуң.

22 Кыйроо жана ачарчылык келгенде, күлөсүң, жер үстүндөгү жырткычтардан үрөйүң учпайт,

23 анткени сен талаадагы таштар менен тынчтыктасың, талаадагы жырткычтар менен ынтымактасың.

24 Ошондо өз чатырың коопсуз экенин билип, өз үйүңө көз салып, күнөөгө батпай жашайсың.

25 Өз уругуңдун сан жетпей көбөйгөнүн, өз тукумуңдун жер үстүндөгү чөптөй өскөнүн көрөсүң.

26 Буудай боолору өз маалында жыйылгандай, сен да көргө карылыкка жетип киресиң.

27 Биз ушулардын баарын изилдесек, ушундай экен. Муну сен да угуп, көкүрөгүңө түйүп ал».

**6-БӨЛҮМ**

**Аюбдун Элипазга жооп бериши**

1 Ошондо Аюб мындай деп жооп берди:

2 «Оо, менин муң-зарым таразага туура тартылса кана, аны менен бирге тарткан азабым таразага салынса кана!

3 Анда тарткан азабым деңиз кумунан да оор болор эле! Ошондуктан менин сөздөрүм токтолбостон куюлат.

4 Анткени мага кудуреттүү Кудайдын жебелери сайылды. Анын уусун менин рухум ичип жатат. Кудайдын коркунучтары мага каршы топтолду.

5 Жапайы эшек чөп үстүндө айкырмак беле? Өгүз өз тоютунун алдында мөөрөмөк беле?

6 Даамсыз тамакты туз кошпой жешмек беле, жумуртканын агында даам болмок беле?

7 Менин жаным тийгиси келбеген нерсе менин жийиркеничтүү тамагым болду.

8 О, мен тилегиме качан жетем? Кудай менин эңсегенимди качан аткарат?

9 О, Кудай ырайым кылып, мени талкалап салса кана! Өз колун сунуп, мени өлтүрүп салса кана!

10 Мен анда кубанмакмын, ырайымсыз дартыма чыдамдуулук көрсөтмөкмүн, анткени мен Ыйыктын сөзүнөн баш тарткан жокмун.

11 Үмүттөнгүдөй, менде кайсы күч бар эле? Өмүрүмдүн аягы эмне экенин билсем, мен аны сабырдуулук менен күтпөйт белем?

12 Менин кайратым таштай бекем бекен? Денем жез бекен?

13 Өзүмө өзүм жөлөк болор дарманым барбы? Деги мага тирек болор эмне бар?

14 Эгерде жабыр тартып жаткан адам кудуреттүү Кудайдан коркпой калса да, аны досу аяшы керек.

15 Бирок менин бир туугандарым агын суудай, шар аккан суудай ишенимсиз.

16 Ал – муздан ылайланган суу, ал сууларда кар жашынып жатат.

17 Күн жылыганда, алар эрип кетишет, аптапта өз ордунан жок болуп кетишет.

18 Алар аккан багытын буруп, чөлгө кирип жок болушат.

19 Аларды Тейма жолдору күтүп турат, алардан Шеба жолдору үмүт кылат.

20 Бирок үмүттөрү таш кабат. Ал жакка баргандардын уяттан жүзү кызарат.

21 Азыр силер да мен үчүн ошондой болдуңар, коркунучту көргөндө, жүрөгүңөр түшүп калды.

22 Мен силерге: “Мага бир нерсе бергиле, же болбосо байлыгыңардан мен үчүн төлөп койгула,

23 мени душман колунан куткаргыла, мени кыйнап жаткандын колунан кун төлөп куткарып алгыла”, – деп айттым беле?

24 Үйрөткүлө, мен унчукпай калайын. Менин күнөөм эмнеде, көрсөткүлө.

25 Чын сөз кандай ачуу! Бирок силердин ашкерелөөңөр эмнени далилдейт?

26 Ашкерелегенге сөз ойлоп жатасыңарбы? Сөзүңөрдү текке кетирип жатасыңар.

27 Силер жетимге кол салып, өз досуңарга ор казып жатасыңар.

28 Эми силерден суранарым, жүзүмө тике карасаңар, силердин алдыңарда мен калп айтмак белем?

29 Кайра карап көргүлө, калпы бар бекен? Кайра карап көргүлө, меники туура.

30 Менин сөзүмдө жалгандык бар бекен? Кантип эле менин кекиртегим кайгыны ажырата албасын?

**7-БӨЛҮМ**

1 Адамдын жердеги жашоо мөөнөтү белгиленген эмеспи? Анын күндөрү жалчынын күндөрүндөй эле эмеспи?

2 Кул көлөкөнү эңсегендей, жалчы жумушунун бүтүшүн күткөндөй,

3 менин энчиме түйшүктүү айлар тийди, мага кайгылуу түндөр эсептелип берилди.

4 Жатарымда: "Качан таң атат?" – дейм, бирок түн созула берет, мен таң аткыча кыйналып оодарыла берем.

5 Денемди курт каптап, карттанып, терилерим жарылып, ириңдеп жатат.

6 Менин күндөрүм чыгырыктан тез айланып, үмүтсүз өтүп жатат.

7 Менин өмүрүм жел экенин, көздөрүм кайра жакшылык көрбөстүгүн эсиңден чыгарба.

8 Мени көргөн көз эми мени көрбөйт. Сен мени бир караганда эле мен жок болом.

9 Булут суюлуп, тарап кетет. Ошондой эле өлгөндөрдүн жайына түшкөн адам кайра чыкпайт,

10 ал өз үйүнө кайтып келбейт, анын турган жери аны билбей калат.

11 Мен тилимди ошондуктан тыйбайм: рухум кыйналганынан улам сүйлөп жатам, жан-дүйнөм жабыр тартканынан улам даттанып жатам.

12 Сен мага сакчы койгудай, мен деңиз белем же деңизде жашаган коркунучтуу жаныбар белем?

13 "Төшөгүм сооротот, жаткан жерим кайгы-капамды таратат", – деп ойлоп жатканымда,

14 Сен мени түштөр менен коркутасың, көрүнүштөр менен үрөйүмдү учурасың.

15 Ошондо менин жаным сөөктөрүм калганга караганда, дем алуумдун токтошун, өлүмдү артык көрөт.

16 Жашоодон жададым. Түбөлүк жашамак белем. Мени өз жайыма кой, анткени менин күндөрүм курулай убаракерчилик.

17 Сен ушунчалык баалагыдай, көңүл бургудай, адам баласы ким?

18 Ага ар таңда келип турасың, көз ирмем сайын аны сынап турасың.

19 Сен качан менден көзүңдү аласың, качан коё бересиң, качан шилекейимди жутканга мүмкүнчүлүк бересиң?

20 Эгерде мен күнөө кылган болсом, адам күзөтчүсү болгон Сага эмне кыла алам? Эмне үчүн Сен мени Өзүңө бута кылып алдың? Мен өзүмө өзүм жүк болуп калдым.

21 Эмне үчүн менин күнөөмдү жууп, мыйзамсыз иштеримди кечирбейсиң? Анткени мен эми топуракка жатам. Эртең мени издейсиң, бирок мен жок болом».

## 8-БӨЛҮМ

### Билдаттын биринчи сөзү

1 Шухтук Билдат мындай деп жооп берди:

2 «Сен ушинтип көпкө сүйлөй бересиңби? Оозуңдан чыккан сөздөр – дуулдаган шамал!

3 Кантип эле Кудай өкүмүн бузсун? Кантип эле кудуреттүү Кудай чындыкты өзгөртсүн?

4 Эгерде Анын алдында сенин уулдарың күнөө кылса, анда Ал аларды өз мыйзамсыздыгынын колуна салып берди.

5 Эгерде сен Кудайды издесең, кудуреттүү Кудайга сыйынсаң,

6 эгерде сен таза болсоң, эгерде сеники туура болсо, анда Ал азыр эле келип, сенин адил жашооңду калыбына келтирет.

7 Эгерде мурда сенин колуңда аз болсо, эми өтө көп болот.

8 Мурдагы муундардан сура, алардын ataларынын баамдагандарын көңүлүңө түй.

9 Биз болсо кечээкилер элебиз да, эч нерсе билбейбиз, анткени биздин жердеги өмүр – көлөкө.

10 Мына ошолор сага үйрөтүшөт, айтышат, сөздөрүн чын жүрөктөн айтышат.

11 Тал чыбык нымсыз көтөрүлөбү, камыш суусуз өсөбү?

12 Ал көк бойдон, чабыла элек, бирок ар кандай чөптөн мурда куурап калат.

13 Кудайды унуткандардын бардыгынын жолу ушундай. Эки жүздүүнүн үмүтү таш кабат.

14 Анын үмүтү – желе, анын ишеними – жөргөмүштүн үйү.

15 Өз үйүнө жөлөнөйүн десе, анысы туруштук бере албайт. Бек кармайын десе, анысы кулап калат.

16 Ал күн алдында көгөрөт, анын бутактары бактын сыртына жайылат.

17 Анын тамырлары үймөк таштын түбүнө чырмалат да, ташты жарып чыгат.

18 Аны ордунан жулуп алса, өскөн жери андан баш тартып: “Мен сени көргөн эмесмин”, – дейт.

19 Анын өмүр жолунун кубанычы ушул! Жерден болсо башкалары өсүп чыгат.

20 Көрдүңбү, Кудай такыбааны четке какпайт, зулумдарды колдобойт.

21 Ал дагы ууртуңду күлкүгө, оозуңду кубанычтуу сөздөргө толтурат.

22 Сени жек көргөндөр уятка калышат, мыйзамсыздардын чатырлары жок болот».

**9-БӨЛҮМ**

**Аюбдун Билдатка жооп бериши**

1 Ошондо Аюб мындай деп жооп берди:

2 «Туура! Ушундай экенин билем. Бирок адам Кудайдын алдында кантип актана алат?

3 Эгерде адам Кудай менен талашып-тартышкысы келсе, адам Анын миң суроосунун бирине да жооп бере албайт.

4 Кудай терең акылдуу, күчү зор. Ким Ага каршы чыгып, аман калды?

5 Тоолорду жылдырат, алар таанылбай калат. Каары кайнаганда, аларды өзгөртүп салат.

6 Ал жерди ордунан козгогондо, анын түркүктөрү солкулдайт.

7 Күнгө буйрук берсе, күн чыкпай калат, жылдыздарды жашырып коёт.

8 Жалгыз Өзү асманды жайып, деңиз толкундарынын үстүндө жүрөт.

9 Аш, Кесил, Ким топ жылдыздарын жана түштүктөгү жылдыздарды Ал жараткан.

10 Ал укмуштуу, улуу, изилденгис, сансыз кереметтерди жаратат!

11 Ал менин бет алдыман өткөндө, мен Аны көрө албайм. Жаныман өткөндө, мен Аны байкай албайм.

12 Алып кетсе, ким Ага каршы сөз айта алат? “Сен эмне кылып жатасың?” – деп, Ага ким айта алат?

13 Кудай Өз каарын төкпөй койбойт. Анын алдында Рахаптын жардамчылары баш иет.

14 Андан бетер мен Ага жооп бере аламбы, Анын алдында мен сөз таба аламбы?

15 Меники туура болгон күндө да, жооп бербейм, Өкүмдардын алдында ырайым гана сурайм.

16 Мен Аны чакырганда, Ал мага жооп берсе да, Ал менин үнүмдү укканына ишенбес элем.

17 Ал алай-дүлөй бороондо мага сокку урат, жазыксыз жерден жаратымды ырбатат,

18 жанымды жай алдырбайт, азапка малат.

19 Күчкө салайын десем, Ал эбегейсиз күчтүү. Соттошоюн десем, Аны менен мени ким беттештирет?

20 Эгерде мен актана турган болсом, өз тилим эле мени айыпка жыгат. Мен айыпсыз болгон күндө да, Ал мени айыптуу деп табат.

21 Айыпсызмын мен. Жашагым келбейт, өмүрүмдү жек көрөм!

22 Баары бир. Ошондон улам мен: “Ал айыпсызды да, айыптууну да өлтүрөт”, – деп айттым.

23 Эгерде Ал айыптууну күтпөгөн жерден өлтүрүп жатса, анда айыпсыздын кыйналганына күлөт.

24 Жер мыйзамсыздардын колуна берилген. Анын сотторунун жүздөрүн Ал чүмбөттөп койгон. Эгерде Ал болбосо, анда ким?

25 Менин өмүрүм чабармандан да тез чуркап, жакшылык көрбөстөн качып бара жатат.

26 Ал камыш кайыктай, жемине шукшурулуп келе жаткан бүркүттөй сызып бара жатат.

27 Мен: “«Муң-зарымды унутуп, түнөргөн жүзүмдү өзгөртүп, көңүлүмдү көтөрөйүн», – десем да,

28 азап тартып калтырап турам, Сен мени жазыксыз деп жарыялабастыгыңды билем.

29 Эгерде мен айыптуу болсом, анда эмне үчүн бекер эле кыйналып жатам?

30 Мен аппак кардын суусуна жуунсам да, колдорумду таптаза кылып тазаласам да,

31 Сен мени баткакка батырасың, кийген кийимим менден жийиркенет”.

32 Анткени мен Ага жооп бере тургандай, Аны менен бирге сотко баргыдай, Ал мен сыяктуу адам эмес.

33 Экөөбүздүн ийнибизге колдорун коюп, жараштыра турган ортобузда арачы жок.

34 Ал менден таягын тартсын, коркунучу үрөйүмдү учурбасын.

35 Ошондо мен сүйлөйм, Андан коркпойм, анткени мен андай эмесмин.

**10-БӨЛҮМ**

1 Жашоодон жададым. Арыз-муңумду төгөм. Жанымдын кыйналганынан сүйлөйм.

2 Кудайга мындай деп айтам: “Айыптабачы мени. Айтчы мага, эмне үчүн мени менен күрөшүп жатасың?

3 Өз колуң менен жаратканыңды кыйнаганың, аны жек көргөнүң, ал эми мыйзамсыздардын ишине жарык бергениң Сен үчүн жакшыбы?

4 Көзүң адамдыкындай көзбү? Сен адам карагандай карайсыңбы?

5 Өмүрүң адамдын өмүрүндөйбү, жашың эркек кишинин жашындайбы?

6 Эмнеге менден айып издеп жатасың? Эмнеге менин күнөөмдү изилдеп жатасың?

7 Менин мыйзамсыз эмес экенимди, Сенин колуңдан мени эч ким куткара албастыгын билесиң да.

8 Мени Өз колуң менен жасадың эле, мени бүт бойдон Өзүң жараттың эле, эми мени Өзүң жок кыласыңбы?

9 Эстечи, Сен мени топурактан жасабадың беле? Эми мени күлгө айлантканы турасыңбы?

10 Мени сүт сыяктуу куюп, быштак сыяктуу уюткан Сен эмес белең?

11 Мага тери менен эт чаптап, мени сөөк жана тарамыш менен бекиткенсиң.

12 Мага өмүр жана ырайым бербедиң беле, менин рухумду Сенин камкордугуң сактабады беле?

13 Бирок муну да Сен Өз жүрөгүңө жашырып койдуң, Сенин оюңда бул бар экенин билем,

14 эгерде мен күнөө кылсам, Сен байкап каласың, күнөөмдү жазасыз калтырбайсың.

15 Эгерде мен айыптуу болсом, мага кайгы! Ак болгон күндө да, башымды көтөргөнгө батына албайм. Мен кордукка тойдум, менин кыйынчылыгыма көңүл бур.

16 Азабым арбып баратат. Сен менин артымдан арстандай кубалап келип, мага кайрадан кол саласың, кудуретиңди көрсөтөсүң.

17 Мага каршы улам жаңы күбөлөрүңдү коюп жатасың. Каарыңды күчөтүп жатасың. Мени кырсык үстүнөн кырсык басып жатат.

18 Сен мени эмнеге энемдин ичинен алып чыктың? Көз көрө электе эле өлүп калганым артык эмес беле?

19 Мен жарык дүйнөгө келбей эле койсом эмне, энемдин ичинен чыкканда эле көргө коюлсам эмне!

20 Менин өмүрүм кыска эмеспи? Мени жайыма кой, менден четтеп кет.

21 Караңгылык менен өлүм сөлөкөтү өкүм сүргөн өлкөгө келбес болуп кеткенге чейин,

22 баш аламан, жарыгы да караңгы, караңгылыгы өлүм сөлөкөтүнүн караңгылыгындай болгон караңгы өлкөгө кеткенге чейин, бир аз көңүлүмдү көтөрүп алайын”».

**11-БӨЛҮМ**

**Сопардын биринчи сөзү**

1 Ошондо наамалык Сопар мындай деп жооп берди:

2 «Көп сөз кантип жоопсуз калсын? Же көп сүйлөгөн адамдыкы эле туура бекен?

3 Сенин маңызсыз сөздөрүң адамдардын оозун жаба алабы? Же ооз көптүргөн сөздөрүң үчүн сени уяткарып койчу адам жок бекен?

4 Сен: “Менин оюм туура, Сенин алдыңда мен тазамын”, – дедиң.

5 Эгерде Кудай сүйлөсө, Ал сага каршы сүйлөсө,

6 сага адамдын акылы жеткис терең сырларын ачса, анда сен эки эсе жазаланат элең! Ошондуктан билип кой, Кудай сенин кээ бир мыйзамсыз иштериңди эсине алган жок.

7 Кудайды сен изилдөөң менен таба аласыңбы? Кудуреттүү Кудайды толук түшүнө аласыңбы?

8 Ал асмандан да бийик, эмне кыла аласың? Ал өлгөндөр жаткан жайдан терең, эмне биле аласың?

9 Анын ченеми жерден узун, деңизден кенен.

10 Эгерде Ал өтүп бара жатып эле кимдир бирөөнү туткундап алып, жазага тартса, Ага ким каршы чыга алат?

11 Анткени Ал калпычы адамдарды билет, мыйзамсыздыкты көрүп турат, анан кантип ага көңүл бурбай койсун?

12 Жапайы эшектен адам төрөлбөгөндөй эле, акылсыз адам акылдуу боло албайт.

13 Эгерде жүрөгүңдү өзгөртүп, Кудайга колдоруңду сунсаң,

14 эгерде сенин колуңда күнөө болсо, бирок аны жоюп койсоң, өз чатырыңда мыйзамсыздыктын жашашына жол бербесең,

15 анда жүзүң жарык болот, бекем болосуң, коркпойсуң.

16 Ошондо сен кайгыны унутасың, аны агып кеткен суудай эскересиң.

17 Өмүрүң чайыттай ачык күндөн да ачык болот. Таң сыяктуу агарасың.

18 Тынч жашайсың, анткени үмүтүң бар. Сен коргоодосуң, ошондуктан тынч уктай берсең болот.

19 Жатканда, сени эч ким коркутпайт. Көпчүлүк сенден ырайым издейт.

20 Ал эми мыйзамсыздар карайлап калышат, баш калкалар жайынан айрылышат, үмүттөрү үзүлөт».

**12-БӨЛҮМ**

**Аюбдун үчөөнө тең жооп бериши**

1 Аюб мындай деп жооп берди:

2 «Чынында, силер, бар болгону, адамсыңар, акылмандыгыңар өзүңөр менен кошо жок болот!

3 Менде да силердикиндей эле жүрөк бар. Силерден мен кем эмесмин. Муну ким билбейт?

4 Өз досума шылдың болдум, Кудайга кайрылып жүргөн, Анын Өзүнөн жооп алып жүргөн мендей адил, кемчиликсиз адам күлкү болду.

5 Тынч жашаган адам кырсыкты жек көрүү керек деп эсептейт, кырсык бутунан мүдүрүлгөнгө даярдалган деп ойлойт!

6 Талап-тоноочулар өз үйлөрүндө тынч жашашат, Кудайды өз колуна көтөрүп жүргөнсүп, Аны каардантkandар да коопсуз жашашат.

7 Чынында, жаныбардан сурасаң, ал сага үйрөтөт, асмандагы чымчыктан сурасаң, ал сага кабарлайт.

8 Же болбосо жер менен маектешип көр, ал сага акыл-насаат айтат, деңиздеги балыктар да сага айтып беришет.

9 Ушунун бардыгын көрүп туруп, муну Теңирдин колу жаратканын ким билбейт?

10 Ар бир тирүү жандын жаны, ар бир адамдын руху Анын колунда.

11 Сөздү айырмалаган кулак эмеспи? Тамактын даамын билген тил эмеспи?

12 Даанышмандык карыларда, акыл көп жашагандарда болот.

13 Акылмандык менен күч Кудайда. Акыл менен кеңеш Анда.

14 Ал кыйраткан нерсе кайра курулбайт. Ал камаган бошонбойт.

15 Сууларды токтотуп койсо, бардыгы куурап калат. Коё берсе, жер көркүнө чыгат.

16 Кудурет да, даанышмандык да Анда, адашкан адам да, адаштырган адам да Анын алдында.

17 Ал кеңешчилерди акыл-эсинен ажыратат, сотторду акылсыз кылат.

18 Ал падышаларды кишенден бошотот, алардын белдерин кур менен курчайт.

19 Төрөлөрдү даражасынан ажыратат, эр жүрөктөрдүн күчүн майтарат.

20 Чечендерди тилинен, карыларды акылынан ажыратат.

21 Атактууларды уятка калтырат, күчтүүлөрдү алсыратат.

22 Караңгы туңгуюктун түпкүрүн ачат, өлүм көлөкөсүн жарыкка чыгарат.

23 Элдерди көбөйтөт да жок кылат. Элдерди чачыратып жиберет да чогултат.

24 Эл башчыларын акылдан ажыратат, жолсуз чөлгө калтырат.

25 Алар жарыгы жок караңгы жерде сыйпалап басышат, мастардай темтеңдешет».

**13-БӨЛҮМ**

1 «Мына ушунун баарын көзүм көрдү, кулагым укту, өзүм үчүн көңүлүмө түйүп койдум.

2 Силер билгенди мен да билем, силерден кем эмесмин.

3 Бирок мен кудуреттүү Кудай менен сүйлөшкүм келет, Аны менен талашып-тартышкым келет.

4 Силер болсо жалганчысыңар. Бардыгыңар эч нерсеге жарабаган дарыгерсиңер.

5 Унчукпай калсаңар кана! Силердин акылмандуулугуңар ошол болмок.

6 Менин сөзүмө кулак салгыла, силерге каршы айта турган кебиме көңүл бургула.

7 Кудай үчүн калп айтыштын кереги бар беле, Ал үчүн жалган сүйлөштүн зарылдыгы бар беле?

8 Кудайга бет карамалык кылыштын кереги бар беле? Аны ушинтип жактоонун кереги бар беле?

9 Ал силерди сынаса жакшы болот беле? Аны да адамды алдагандай алдай аласыңарбы?

10 Тымызын эки жүздүүлүк кылсаңар да, Ал силерди катуу жазалайт.

11 Анын улуулугу силерди коркутпайбы, Анын коркунучу силерди каптабайбы?

12 Силердин эскертүүңөр күлгө окшош. Силердин таяныч-чебиңер – ылай коргондор.

13 Менин алдымда унчукпай тургула, башыма кандай күн түшсө түшсүн, мен сүйлөйүн.

14 Эмне үчүн мен өз денемди өз тишим менен тиштегилешим керек, эмне үчүн өз жанымды өз колум менен кыйышым керек?

15 Мына, Ал мени өлтүрүп жатат, бирок мен Андан үмүт кылам. Анын алдында өз жолумду коргосом эле болду!

16 Ушунун өзү эле менин акталуум эмеспи, анткени эки жүздүү адам Анын алдына келбейт.

17 Менин сөзүмдү кунт коюп уккула, менин түшүндүргөнүмө кулак салгыла.

18 Мен өз ишимди сотко өткөрүүгө даярмын, анткени меники туура экенин билем.

19 Менин айтканыма каршы чыга ала турган адам барбы? Эгерде бар болсо, мен унчукпай, өлүп калмакмын.

20 “Мага эки нерсени гана кылба, ошондо мен Сенин жүзүңдөн жашынбайм.

21 Менден колуңду тарт, Сенин коркунучуң мени калтыратпасын.

22 Ошондо мени чакыр, мен Сага жооп берейин. Же мен сүйлөйүн, Сен мага жооп бер.

23 Менин канча кемчилигим, канча күнөөм бар? Айыбым менен күнөөмдү көрсөт!

24 Эмне себептен менден жүзүңдү жашырасың, эмне себептен мени Өзүңө душман санайсың?

25 Сен үзүлгөн жалбыракты кыйратып жаткан жоксуңбу? Курараган бир тал самандын артынан сая түшкөн жоксуңбу?

26 Анткени мага каршы ачуу айыптоолорду жазып жатасың, жаш кездеги күнөөлөрүмдү мойнума коюп жатасың,

27 буттарымды көзөнөк жыгач калканга салып жатасың, менин баскан изимди аңдып турасың, артымдан сая түшөсүң.

28 Мен болсо чириген нерседей жок болуп баратам, күбө жеген кийимдей болуп калдым.

**14-БӨЛҮМ**

1 Аялдан туулган адамдын өмүрү кыска жана азапка толгон.

2 Ал гүл сыяктуу чыгат да, соолуп, күбүлүп калат. Көлөкөдөй качат, токтобойт.

3 Сен ушундай адамга да көзүңдү кадайсыңбы, мени Өзүң менен соттошууга алып барасыңбы?

4 Таза эместен ким таза болуп төрөлсүн? Эч ким.

5 Эгерде анын өмүрүн ченеп койсоң, ай-күндөрү Сенин колуңда турса, эгерде Сен анын өтө албаган чегин чектеп койсоң,

6 анда андан жүзүңдү бур. Ал жалчынын күндөрүндөй болгон күндөрү бүткүчө, эс алып алсын.

7 Даракта үмүт бар, ал кыйылса да, кайра өсөт, чырпыктары токтоосуз чыга берет.

8 Эгерде анын жердеги тамыры картайып, дүмүрүн топурак басып катып калса да,

9 сууну сезери менен, жаш чырпык чыгарып, жаңы отургузулган көчөттөй болуп, бутактарын жаят.

10 Адам болсо өлөт, анан чирийт. Адам өлдү, эми ал кайда?

11 Көлдөн суулар агып кетет, дарыя соолуп, какшыйт,

12 адам да жатса турбайт. Асман жок болмоюнча, ал ойгонбойт, уйкусунан турбайт.

13 Оо, каарың тарап кеткенче, Сен мени өлгөндөр жаткан жайга бекитип, жашырып турсаң кана! Анан мага мөөнөт берип, ошондон кийин гана мени эстесең кана!

14 Адам өлгөн соң, кайра жашамак беле? Анда мага берилген мөөнөт бүткөнчө, менин ордума келе турганды күтөр элем.

15 Сен чакырсаң, мен Сага жооп берер элем. Ошондо Сен Өз колуң менен жаратканыңа ырайым кылар элең.

16 Ошондо Сен менин кадамымды эсептер элең, күнөө кылып жатканымда карап турбас элең.

17 Сен менин мыйзамсыздыгымды түрмөк кагазга жазып мөөр басып салар элең, менин айыбымды жаап салар элең.

18 Бирок тоо кулап талкаланат, аска-зоо ордунан козголот.

19 Суу таштарды жеп кетет, анын ташкыны жер топурагын жууп кетет. Сен адамдын үмүтүн да так ошондой жок кыласың.

20 Аны акырына чейин кысымга аласың, ал кетет. Жүзүн өзгөртүп, аны кетиресиң.

21 Балдары ардакталып жатабы, ал аны билбейт; кор болуп жатабы, ал аны сезбейт.

22 Бирок анын денеси сыздап, жаны кыйналып жатат"».

**15-БӨЛҮМ**

**Элипаздын экинчи сөзү**

1 Теймандык Элипаз мындай деп жооп берди:

2 «Акылман маңызы жок билим менен жооп бермек беле? Кардын ысык желге толтурмак беле?

3 Пайдасыз сөздөр менен, күчү жок кеп менен актанмак беле?

4 Кудайдан коркконду да унуттуң, Кудайга сүйлөгөндү да оңой көрүп жатасың.

5 Күнөөң оозуңду ушунчалык күүлөгөн экен, сен амалкөй адамдардын тилин тандап алдың.

6 Сени мен эмес, өз оозуң айыптап жатат, өз тилиң өзүңө каршы сүйлөп жатат.

7 Сен эмне, биринчи адам болуп туулдуң беле? Адырлардан мурда жаралдың беле?

8 Сен эмне, Кудайдын кеңешин угуп, акылмандыкка ээ болуп калдың беле?

9 Биз билбегенди сен билесиңби? Биз түшүнбөгөндү сен түшүнөсүңбү?

10 Арабызда атаңан да улуу, ак сакалдуу да, кары да бар.

11 Сага Кудайдын сооротуусу аздык кылабы? Сен ушуну да билбейсиңби?

12 Жүрөгүң сени кайда ээликтирип жатат, эмнеге мынчалык текебер карайсың?

13 Эмнеге Кудайга каршы рухуңду багыттайсың? Мындай сөздөрдү кантип оозуңа алдың?

14 Таза болгудай, адам ким? Аялдан төрөлгөн адил болмок беле?

15 Ал Өз ыйыктарына да ишене албайт, Анын алдында асман да таза эмес.

16 Адилетсиздикти суудай ичкен адам андан бетер таза эмес, ыпылас.

17 Мен сүйлөйүн, сен кулак сал. Көргөнүмдү сага айтып берейин.

18 Акылмандар аталарынан уккандарын жашырышкан эмес.

19 Жер аларга гана берилген, алардын арасында бөлөк-бөтөн элдер болгон эмес.

20 Мыйзамсыз өмүр бою өзүн өзү кыйнап өтөт, зулумга өмүр жылдары жашыруун.

21 Анын кулагына үрөй учурган дабыштар угулат. Бейкапар жашап жатканда, ага кыйратуучу келет.

22 Караңгылыктан кутуларына ишенбейт. Өзүн кылыч күтүп турганын билет.

23 Бир сындырым нан үчүн анын кыдырбаган жери калбайт. Өзү үчүн караңгылыктын күнү даярдалганын билет.

24 Жокчулук менен кысымчылык анын жүрөгүнүн үшүн алып, аны согушка камданган падышадай басып алат.

25 Анткени ал Кудайга каршы кол сунуп, кудуреттүү Кудайга каршы чыкты.

26 Калың калканын алып, кекирейип, Ага каршы бет алды.

27 Анткени анын бетин май басты, сандары жоонойду.

28 Ал бүлүнгөн шаарларды, урап түшөрүнө аз калган ээн үйлөрдү турак кылат.

29 Ал бай болбойт, анын мал-мүлкү тура бербейт, тапканы жер жүзүнө тарабайт.

30 Караңгылыктан качып кутулбайт. Анын көчөттөрүн жалын жалмайт, аны Өзүнүн оозунун жели менен алып кетет.

31 Адашкан адам курулай убаракерчиликке таянбай эле койсун, анткени анын шыбагасы да курулай убаракерчилик болот.

32 Ал мезгилсиз өлөт, анын бутагы көгөрбөйт.

33 Ал жүзүм сабагы сыяктуу, бышпаган мөмөсүн силкип салат, зайтун дарагы сыяктуу, гүлүн күүп салат.

34 Кудайсыздардын үйү ушинтип кыйрайт, паракордун үйүн өрт жалмайт.

35 Анын боюна кыянаттык бүтүп, жалгандык төрөдү, курсагы алдамчылык даярдайт».

**16-БӨЛҮМ**

**Аюбдун төртүнчү жообу**

1 Аюб мындай деп жооп берди:

2 «Мен мындайдын далайын уккам. Баарыңар эч нерсеге жарабаган сооротуучусуңар.

3 Маанисиз сөзүңөрдүн аягы болобу? Ушинтип жооп берүүңө эмне түрткү болду?

4 Эгерде силер менин ордумда болсоңор, мен да силердей эле сүйлөмөкмүн. Силерге каршы сөз жаадырып, башымды чайкап турмакмын.

5 Силерди сөзүм менен кубаттап, оозумдун кыбыроосу менен соорото элем.

6 Айткан менен азабым азайбайт, унчукпай койсом да, андан арылбайм.

7 Бирок азыр Ал мени алсыратып бүттү. “Сен менин бүт үй-бүлөмдү кыйраттың.

8 Мага каршы күбө катары бетиме бырыш түшүрдүң. Менин жабыркаганым өзүмө каршы чыгып, мени тайманбай жемелеп жатат”.

9 Анын каары кыйнап, мени менен касташып жатат. Мага тиштерин кычыратып жатат. Душманым менден тикирейген көзүн албайт.

10 Мага азуусун араандай ачышты, мени шылдыңдап, жаакка чапкылап жатышат: баары мага каршы сүйлөшүп алышкан.

11 Кудай мени мыйзамсыздардын колуна салып берди, кара ниет адамдардын колуна ыргытты.

12 Мен тынч жашап жаткам, бирок Ал мени силкилдетти. Желкемен кармап урду, Өзүнө бута кылып койду.

13 Анын жаачылары мени курчап алышты. Ал кардымды жарды, аяган жок, өтүмдү жерге төктү.

14 Мени кайра-кайра тешкилеп жатат, мени көздөй жоокердей атырылып келе жатат.

15 Денеме зумбал кийип, башыма топурак жаздандым.

16 Ыйдан бетим кызарды, кабагымда – өлүм сөлөкөтү.

17 Ошондой болсо да эч кимге зордук көрсөткөн жокмун, сыйынуум да таза.

18 Оо жер! Менин канымды жашыра көрбө, менин муң-зарыма орун болбосун.

19 Азыр менин Күбөм асманда, менин Коргоочум жогоруда!

20 Көп сүйлөгөн досторум! Көз жашым Кудайга төгүлүп жатат.

21 Оо, адам баласы өз жакыны менен талашып-тартышкандай, Кудай менен талашып-тартыша алса кана!

22 Анткени менин көрөр күнүм бүттү, келбес сапарыма кеткени турам.

**17-БӨЛҮМ**

1 Алдан тайдым, өмүрүмдүн шамы өчүп баратат, көр оозунда турам.

2 Алардын шылдыңы болбогондо, талаш-тартышта солк этпей туруп берет элем.

3 “Мага болуш, мен үчүн Өзүңдүн алдыңда Өзүң кепилдикке өт! Болбосо ким мага кепил болот?

4 Анткени Сен түшүнбөсүн деп, алардын акылын жаап салдың, ошондуктан алардын жеңишке жетишине жол бербейсиң”.

5 Досторун душманга олжо кылган адамдын балдарынын көзү агып калат.

6 Ал мени элге лакап, күлкү кылды.

7 Кайгыдан көздөрүм тунарды, бүт мүчөм сөлөкөт болуп калды.

8 Бул тууралуу адил адамдар таң калышат. Айыпсыз адам эки жүздүү адамга кыжырданат.

9 Бирок адил адам өз жолун бек кармайт, колу таза адам барган сайын күч алат.

10 Баарыңар чогулуп келип сүйлөсөңөр да, араңардан акылманды таппайм.

11 Менин өмүрүм өттү. Жүрөгүмдүн энчиси болгон ойлорум кыйрады.

12 Алар болсо түндү күнгө айланткысы, жарыкты караңгыга жакындаткысы келет.

13 Канчалык күтсөм да, менин үйүм – өлгөндөр жаткан жай. Мен төшөгүмдү караңгы жерге төшөйм.

14 Көрүмө: “Сен менин атамсың”, – дейм, куртка: “Менин энемсиң да эжемсиң”, – дейм.

15 Ушундан кийин мен эмнеден үмүттөнөм? Менин күткөнүмдү ким көрөт?

16 Ал үмүт мени менен кошо өлгөндөр жаткан жайга түшүп, мени менен бирге топуракка жатат».

**18-БӨЛҮМ**

**Билдаттын экинчи сөзү**

1 Шухтук Билдат мындай деп жооп берди:

2 «Ушундай сөзүңөрдү качан токтотосуңар? Жакшылап ойлонгула, анан сүйлөйбүз.

3 Эмне үчүн биз айбан катары эсептелишибиз керек? Эмне үчүн биз сенин алдыңда кемсинтилишибиз керек?

4 Оо, сен, ачууланып, өзүн азапка салган неме! Сен үчүн жер ээн калмак беле, сен үчүн аска-зоо ордунан козголмок беле?

5 Ооба, мыйзамсыздын жарыгы өчөт, анын отунан учкун калбайт!

6 Чатырындагы жарык караңгылайт, анын үстүндөгү шамы да өчөт.

7 Анын кудуреттүү кадамы кыскарат, өзүнүн оюу өзүн кулатат.

8 Анткени ал өз буту менен торго түшөт, тордун үстүндө басат.

9 Анын буту тузакка түшөт, ошондо тоноочу аны кармап алат.

10 Ал үчүн жерге тузак жашыруун тартылган, жолуна капкан коюлган.

11 Бардык тарабынан коркунучтар анын үрөйүн учуруп, ары-бери алдастатат.

12 Ачкалыктан алы кетет, өлүм анын жанында даяр турат.

13 Анын дене мүчөлөрүн оору жейт, анын мүчөлөрүн эң жаман оору мүлжүйт.

14 Үмүтү чатырынан куулат, бул аны үрөй учурган коркунучтар падышасына түшүрөт.

15 Анын чатырына башка бирөөлөр кирет, анткени ал эми аныкы эмес. Анын үйүнө күкүрт чачылат.

16 Түбүндөгү тамыры кургайт, үстүндөгү шак-бутактары соолуп калат.

17 Анын аты жер үстүнөн өчөт, анын ысымы аянтта оозго алынбай калат.

18 Аны жарыктан караңгылыкка кууп, жер үстүнөн жок кылышат.

19 Өзүнүн элинде анын уулу да, небереси да болбойт, анын турагында эч ким калбайт.

20 Ал жөнүндө укканда, кийинки муундун үрөйү учат, замандаштары калтырап турушат.

21 Мыйзамсыздын өмүрү мына ушундай, Кудайды билбегендин тагдыры мына ушундай».

**19-БӨЛҮМ**

**Аюбдун бешинчи жообу**

1 Аюб мындай деп жооп берди:

2 «Качанкыга чейин жанымды кейите бересиңер? Качанкыга чейин мени сөзүңөр менен кыйнай бересиңер?

3 Мына, мени ушуну менен он мертебе маскара кылдыңар, мени кыйнап-кыстагандан уялбадыңар.

4 Эгерде мен чындыгында эле кылмыш кылсам, анда менин күнөөм өзүмдө калат.

5 Эгерде өзүңөрдү менден жогору койгуңар келсе жана мени маскара болгонум үчүн жемелегиңер келсе,

6 анда мени Кудай жыкканын, туш-тушума Өзүнүн торун жайып койгонун билгиле.

7 Ошондуктан мен: "зордук!" – деп кыйкырып жатам, бирок эч ким укпайт. Жардамга чакырып жатам, бирок акыйкаттык жок.

8 Ал менин жолумду бөгөдү, ошондуктан мен өтө албай жатам, менин жолума караңгылык түшүрдү.

9 Менден атак-даңкты буруп кетти, башымдан таажымды чечип алды.

10 Мени бүт бардыгынан ажыратты, өзүм да бүтүп баратам. Үмүтүмдү дарак сыяктуу түбүнөн омкорду.

11 Мага Өзүнүн каарын чачып, мени Өзүнүн кас душманы катары эсептеди.

12 Анын түмөн кошууну биригип келди, багытын мага буруп, менин чатырымды курчап алышты.

13 Ал менден бир туугандарымды алыстатты, мени билгендер менден оолактап калышты.

14 Жакындарым мени таштап кетишти, тааныштарым мени унутуп коюшту.

15 Үйүмдөгү келгиндер жана күңдөрүм мени бөтөн адам катары эсептешет. Аларга мен жат кишидей болуп калдым.

16 Кызматчымды чакырсам, ал мага жооп бербейт. Мен ага жалынып-жалбарышым керек.

17 Дем алганым өз аялыма жакпай калды, өзүмдөн чыккан балдарым үчүн ага жалынышым керек.

18 Атүгүл, мени кичинекей балдар да жек көрүшөт. Өйдө турсам, алар мени шылдың кылышат.

19 Ынак досторум да менден жийиркенип калышты. Жакшы көргөн адамдарым да мага каршы чыгып калышты.

20 Сөөктөрүм денем менен териме жабышып, тишимдин бүйлөсү менен гана калдым.

21 Ырайым кылгыла мага, досторум, мага силер ырайым кылгыла, анткени мага Кудайдын колу тийди!

22 Эмнеге силер да мени Кудай сыяктуу куугунтуктайсыңар, эмнеге этиме тойбой жатасыңар?

23 Оо, менин сөздөрүм жазылып калса кана! Алар китепке жазылса кана!

24 Коргошунга темир кескич менен чегилсе кана! Аска ташка түбөлүккө басылса кана!

25 Мен болсо Куткаруучум тирүү экенин билем, Ал акыркы күнү менин чирип бара жаткан теримди топурактан кайра тургузат.

26 Мен өз денемде Кудайды көрөм.

27 Мен Аны өзүм көрөм. Башка бирөөнүн көзү эмес, Аны өзүмдүн көзүм көрөт. Көкүрөгүмдө жүрөгүм эрип бара жатат!

28 Силер: “Биз аны эмнеге куугунтукка алып жатабыз?” – деп айтууңар керек эле. Менден кыянаттыктын тамыры табылгандай карайсыңар да.

29 Кылычтан корккула, анткени кылыч жалгандан өч алат. Сот бар экенин билип койгула».

**20-БӨЛҮМ**

**Сопардын сөзү**

1 Наамалык Сопар мындай деп жооп берди:

2 «Өзүмдүн ойлорум мени жооп берүүгө түртүп жатат, ошондуктан мен аны билдирүүгө шашылам.

3 Мени ыза кылган жемени уктум, мен үчүн акыл-эсим жооп берет.

4 Сен эмне, байыртадан бери, адам баласы жер бетине коюлгандан бери эмне болгонун билбейсиңби?

5 Мыйзамсыздардын шаттыгы убактылуу экенин, эки жүздүүнүн кубанычы көз ирмем экенин билбейсиңби?

6 Анын даражасы асманга жетсе да, төбөсү булуттарга тийсе да,

7 өзүнүн заңына окшоп, ал түбөлүккө жоголот. Аны көргөндөр: “Ал кайда?” – дешет.

8 Көргөн түштөй көздөн кайым болот, аны таппай калышат. Ал түнкү көрүнүштөй жоголот.

9 Аны көргөн көз аны экинчи көрбөйт, ал отурган орун аны билбей калат.

10 Анын уулдары жакырлардан кайыр сурап калат, ал уурдагандарын өз колу менен кайрып берет.

11 Анын сөөктөрү жаштыктын күчүнө толгон, бирок ал аны менен бирге топуракка жатат.

12 Эгерде кыянаттык анын оозунда балдай таттуу болсо, ал аны тилинин астында жашырып турса,

13 аны сактап жүрсө, таштап салбай, оозунда кармап жүрсө,

14 анда анын ушул тамагы ичинде уулуу жыландын уусуна айланат.

15 Ал жутуп алган байлыгын кайра кусат. Кудай аны анын курсагынан чыгарат.

16 Ал жыландын уусун соруп жатат, аны уулуу жыландын тили өлтүрөт.

17 Ал бал менен сүт аккан өзөндөрдү, дарыяларды көрбөй өтөт.

18 Тапканын кайтарып берет, жутпайт. Анын алган жазасы да байлыгына жараша болот, кубанбайт.

19 Анткени ал жакырларды эзген, куру кол коё берген, өзү курбаган үйлөрдү тартып алган.

20 Курсагы тойгонун билбеген, ач көздүгүнөн эч нерсени аяган эмес.

21 Анын соргоктугунан эч нерсе качып кутулган эмес. Ошон үчүн анын бактысы туруктуу эмес.

22 Ашып-ташыган молчулук болуп турса да, ал кысталышта калат. Ыза болгон ар ким ага кол көтөрөт.

23 Ал курсагын толтургандан кийин, Кудай ага Өзүнүн каарын чачат да, анын денесине дарт жаадырат.

24 Ал темир куралдан качып кутулса, аны жез жебе тешип өтөт.

25 Жебени сууруп алайын десе, ал денесин тешип чыгат, жарк этип, өтүн тешип чыгат. Аны өлүм коркунучу басып калат!

26 Бардык караңгы нерселер анын ичинде жашырылган. Аны эч ким тутантпаган от жалмайт. Анын чатырында тирүү калганын да кырсык басат.

27 Анын мыйзамсыздыгын асман ачат, жер ага каршы чыгат.

28 Анын үйүнө жыйганы жок болот, Кудайдын каары келген күнү бардыгы агып жок болот.

29 Мыйзамсыз кишиге Кудай берген үлүш ушул, кудуреттүү Кудай бөлүп берген мурас ушул».

**21-БӨЛҮМ**

**Аюбдун алтынчы жообу**

1 Аюб мындай деп жооп берди:

2 «Менин сөзүмдү кунт коюп уккула, силердин укканыңар менин көңүлүмдү жубатат.

3 Чыдап тургула, мен сүйлөйүн. Мен айтып бүткөндөн кийин, шылдыңдай бергиле.

4 Мен адамга даттанып жатамбы? Анан кантип мен жүрөкзаадалык кылбайын?

5 Мени карагыла, үрөйүңөр учсун. Колуңар менен оозуңарды жапкыла.

6 Эстесем эле селт этем, денемди калтырак басат.

7 Эмне үчүн мыйзамсыздар жашап, карылыкка жетишет, анан калса, күүлүү-күчтүү?

8 Балдары тегерегинде, неберелери маңдайында.

9 Үйлөрү коркунучтан коопсуз, алардын үстүндө Кудайдын таягы жок.

10 Алардын букалары тукум берет, уругун бекер агызбайт. Алардын уйлары тууйт, музоо салбайт.

11 Өз балдарын малды жайытка чыгаргандай чыгарышат, алардын балдары так секирип ойношот.

12 Дап менен кыл аспаптын коштоосунда ырдашат, чоордун коштоосунда көңүл ачышат.

13 Күндөрүн бактылуу өткөрүшөт да, өлгөндөр жаткан жайга көз ирмемде киришет.

14 Ошондой болсо да алар Кудайга мындай дешет: “Бизден ары кет, Сенин жолдоруңду билгибиз келбейт!

15 Биз кызмат кылгыдай, кудуреттүү Кудай ким болуп калыптыр? Ага кайрылганда эмне пайда?”

16 Көрдүңбү, алардын бактысы өздөрүнүн колунан чыккан эмес. Мыйзамсыздардын кеңеши менден алыс болсун!

17 Мыйзамсыздардын чырагы кээде эле өчөт, алардын башына кээде эле мүшкүл түшөт, Кудай Өзүнүн каары менен аларды кээде эле кайгыга салат.

18 Алар шамал алдындагы самандай, куюн учурган жука кабыктай болушу керек.

19 “Кудай алардын ордуна балдарын жазалайт”, – дейсиң. Ал өз күнөөсүн билиш үчүн, Кудай анын өзүн жазаласын.

20 Ал өз жазасын өзү тартсын, кудуреттүү Кудайдын каарын ал өзү ичсин.

21 Анткени анын көзү өткөндөн кийин, үй-бүлөсүнө кандай тиешеси бар?

22 Кудай асмандагыларды да жазага тартып жатса, ким Ага акыл үйрөтө алат?

23 Кээ бирөөлөр өз күчү толуп турганда, кайгы-капасыз тынч өлүшөт.

24 Анын ичеги-карды майлуу, анын жилиги чучуктуу.

25 Кээ бирөөлөр жакшылык көрбөй, жаны кайгыга батып өлүшөт.

26 Бирок экөө тең топуракка жатат, аларды курт каптайт.

27 Мага каршы ойлоп тапкан оюңар менен амалыңарды билем.

28 “Төрөнүн үйү кайда? Мыйзамсыздар жашаган чатыр кайда?” – дейсиңер.

29 Силер саякатчы адамдардан сураган жок белеңер? Алардын байкоолору менен тааныш эмессиңерби?

30 Зулумга өлөр күнү да ырайым болорун, каар күнү ал четте каларын билбейсиңерби?

31 Ага жолун ким көрсөтөт? Кылган иши үчүн анын жазасын ким берет?

32 Аны көргө узатышат, анын мүрзөсүнө сакчы коюшат.

33 Ага өрөөндүн кесек таштары да жакшы көрүнөт, анын артында толгон эл баратат, алдында бараткандарга сан жетпейт.

34 Мени курулай сөздөр менен соороткуңар барбы? Силердин жообуңар жалаң калп болуп жатат».

**22-БӨЛҮМ**

**Элипаздын үчүнчү сөзү**

1 Теймандык Элипаз мындай деп жооп берди:

2 «Адам Кудайга пайда келтире алмак беле? Акылдуу өзүнө пайда келтирет.

3 Сенин адил болгонуңдан кудуреттүү Кудай кандай ырахат алмак эле? Өз жолуңду таза сактаганыңдан Ага кандай пайда?

4 Ал сенден коркуп кетип, сени менен талашып-тартышмак беле? Сени менен соттошмок беле?

5 Чын эле, сенин кыянаттыгың чоң болсо керек, сенин мыйзамсыздыгыңа чек жок болсо керек.

6 Чын эле, сен эч нерсе бербей туруп, бир туугандарыңдан күрөө алсаң керек, ач-жылаңачтардын кийимин сыйрып алсаң керек.

7 Суусаганга суу бербесең керек, ачкага нан бербесең керек.

8 Ал эми алдуу-күчтүүгө жер берсең керек, ал жерге мансабы чоң киши отурукташса керек.

9 Жесирлерди эч нерсе бербей кетирсең керек, жетимдерди куру кол калтырсаң керек.

10 Ошон үчүн туш тарабыңа тузак коюлду, сени күтүлбөгөн коркунуч басты.

11 Же болбосо көзгө сайса көрүнгүс караңгылык каптады, ташкындаган сел астында калдың.

12 Кудай асмандан да жогоруда эмеспи! Тээ бийиктеги жылдыздарды карачы, алар канчалык бийик!

13 Сен болсо: “Кудай эмнени билет? Ал караңгылыктан бизди көрүп, соттой алмак беле?

14 Булут – Анын пардасы, ошондуктан Ал эч нерсе көрбөйт, асман мейкиндигинде гана жүрөт”, – дейсиң.

15 Сен, чын эле, байыркылардын жолун жолдоп жүрсөң керек. Ал жол менен мыйзамсыз адамдар жүрүшкөн,

16 алардын негизинин астын суу каптаганда, алар мезгилсиз кырылышкан.

17 Алар Кудайга: “Бизден оолак бол” – дешкен. Алар: “Кудуреттүү Кудай бизге эмне кыла алмак эле?” – дешкен.

18 Бирок алардын үйлөрүн Ал мал-мүлккө толтурду. Бирок мыйзамсыздардын кеңеши менден алыс болсун!

19 Адилдер көрүп кубанышты, такыбаа адам аларга:

20 “Душманыбыз кырылды, алардан эмне калса, ошону от жалмады”, – деп күлдү.

21 Кудайга жакында, Аны менен элдеш, ушул аркылуу сага жакшылык келет.

22 Анын оозунан чыккан мыйзамды кабыл ал, Анын сөздөрүн көкүрөгүңө түйүп ал.

23 Эгерде кудуреттүү Кудайга кайрылсаң, анда кайра калыбыңа келесиң, үйүңдү мыйзамсыздыктан арылтасың.

24 Алтын сен үчүн топурактай, Опир алтындары суудагы таштардай болуп калат.

25 Кудуреттүү Кудай сенин алтының жана жаркыраган күмүшүң болот.

26 Ошондо сен кудуреттүү Кудайдан кубаныч аласың, Кудайга башыңды көтөрөсүң.

27 Сыйынасың, үнүңдү угат, сен да өз убадаларыңды орундатасың.

28 Бир нерсени ниет кыласың, ал ниетиң ишке ашат, жолуңа жарык чачырайт.

29 Кимдир бирөө кемсинтилгенде, сен: “Жогору көтөрүлүү”, – дейсиң. Ошондо Ал көңүлү чөккөндү куткарат.

30 Ал айыптуу адамды да куткарат. Ал адам сенин колуңдун тазалыгы менен куткарылат».

**23-БӨЛҮМ**

**Аюбдун жетинчи жообу**

1 Аюб мындай деген жооп айтты:

2 «Бүгүн да менин сөзүм кайгылуу. Тарткан азаптарым онтоолорумдан оор.

3 Оо, мен Аны кантип табарымды билсем кана, Анын тагына жакындай алсам кана!

4 Анда мен анын алдында өз иштеримди айтып бермекмин, оозумду актана турган сөзгө толтуруп алмакмын.

5 Анын мага эмне деп жооп берерин билип алмакмын, Анын мага эмне айтарын түшүнүп алмакмын.

6 Кантип эле Ал эбегейсиз кудуреттүү болуп туруп, мени менен таймашсын? Жок, Ал антпейт! Ал мага көңүл буруп эле койсо кана!

7 Ошондо адил адам Аны менен таймаша алмак, ошондо мен да өз Өкүмдарымдан түбөлүк азаттык алмакмын.

8 Бирок мен чыгышка барсам да, Ал жок, батышка барсам да, Аны байкабайм.

9 Түндүктөн издесем да, Аны таппайм, Ал түштүктө жашынып турабы дейин десем, ал жактан да көрүнбөйт.

10 Бирок Ал менин жолумду билет. Мейли, мени сынап көрсүн, ошондо мен алтындай болуп чыгам.

11 Менин бутум Анын жолунда бекем турат. Анын жолун сактадым, эч жакка бурулбадым.

12 Анын оозунан чыккан осуяттардан бурулуп кетпедим. Анын оозунан чыккан сөздөрдү өз эрежемден артык сактадым.

13 Бирок Ал бекем экен. Аны ким жолдон чыгара алат? Ал Өз жүрөгүнүн каалаганын жасайт.

14 Ошон үчүн Ал мага эмнени белгилеп койсо, ошону орундатат. Анын ушуга окшогон ойлору көп.

15 Ошондуктан мен Анын алдында калтырайм, ойлоном жана Андан корком.

16 Кудай жүрөгүмдү алсыратты, кудуреттүү Кудай мени коркутту.

17 Мен эмне үчүн бул караңгылыктан мурун жок болбодум? Эмне үчүн Ал да менин жүзүмдөн караңгыны алып таштабады?

**24-БӨЛҮМ**

1 Эмне үчүн мезгилдер кудуреттүү Кудайдан жашырылган эмес? Эмне үчүн аны билгендер Анын күндөрүн көрүшпөйт?

2 Мыйзамсыздар жер чектерин жылдырып, жайылган малдарды айдап кетип, өз жайыттарында жайып жүрүшөт.

3 Жетимдин эшегин тартып алып, жесирдин өгүзүн күрөөгө алышат.

4 Жакырларды жолдон түртүп кетишет, алардан жердеги кордук көргөндөрдүн баары жашырынууга мажбур.

5 Мына, алар чөлдөгү жапайы эшектердей, жем табыш үчүн эртең менен эрте туруп, өз иштерине чыгышат! Талаа аларга да, алардын балдарына да азык берет.

6 Алар өздөрүнүн эмес, башкалардын талааларынан эгин орушат, мыйзамсыздын жүзүмүн жыйнашат.

7 Жылаңачтар суукта жамынчысыз, кийимсиз түнөшөт.

8 Тоолордогу жамгырдан суу болушат, баш паана таппай, аскалардын жаракаларына корголошот.

9 Жетимди эмчектен ажыратышат, жакырдан күрөө алышат.

10 Кийимсиз, жылаңач жүрүүгө мажбур кылышат, ачкаларга машак беришет.

11 Дубалдардын ортосунда зайтун майын сыгышат, жүзүм сыгылуучу жайда жүзүм тебелешет, бирок суусап жүрүшөт.

12 Шаарда адамдар онтоп жатышат, өлтүрүлгөн адамдардын жаны жардам сурап бакырып жатат, бирок Кудай мындай мыйзамсыздыкка тыюу салбайт.

13 Алардын арасында жарыктын душмандары бар, алар Кудайдын жолун билишпейт, Анын жолу менен жүрүшпөйт.

14 Адам өлтүрүүчү таң ата электе туруп, жарды менен кайырчыны өлтүрөт, ал эми түн киргенде уурулук кылат.

15 Бузулган адам күүгүмдү күтүп: “Мени эч ким көрбөйт”, – деп, бетин жаап алат.

16 Күндүз белгилеп койгон үйгө түн ичинде астынан казып киришет. Алар жарыкты билишпейт.

17 Алар үчүн таң – өлүм көлөкөсү, себеби алар өлүм көлөкөсүнүн коркунучун билишет.

18 Ал суу үстүндө жеңил, анын жердеги үлүшү каргышка калган, ал жүзүмзарга кеткен жолго карабайт.

19 Кургакчылык менен ысык аптап кар сууларын жутуп турат. Өлгөндөр жаткан жай да күнөөкөрлөрдү ошондой жутуп турат.

20 Аны эненин жатыны унутсун. Аны курт тамшанып жесин. Анын аты жер үстүнөн өчсүн. Мыйзамсыз адам жыгачтай сынсын.

21 Ал төрөбөгөн баласыз аялды кордогон, жесир аялга жакшылык кылган эмес.

22 Ал күчтүүлөрдү да өз күчү менен өзүнө тартат. Ал ордунан турганда, эч ким тирүү каларына көзү жетпей калат.

23 Ал ага коопсуз болушу үчүн бардыгын берет, ал ошого таянат. Анын көздөрү алардын баскан жолун көрүп турат.

24 Алар жогору көтөрүлүшөт, анан жок болушат. Алар бардык адамдардай эле кулашат, анан өлүшөт, машактай болуп орулушат.

25 Эгерде мындай эмес болсо, жалган айтты деп, мени ким ашкерелейт жана ким менин сөзүмдү жокко чыгарат?»

**25-БӨЛҮМ**

**Билдаттын үчүнчү сөзү**

1 Шухтук Билдат мындай жооп айтты:

2 «Зор бийлик да, коркунуч да Анын колунда! Ал Өзүнүн бийиктиктеринде тынчтык жаратат!

3 Анын асман кошуундарына сан жетеби? Анын жарыгы кимге тийбейт?

4 Анан кантип адам Кудайдын алдында адилет боло алсын? Анан кантип аялдан туулгандар таза болсун?

5 Анын көз алдында, атүгүл, ай да жарык эмес, жылдыздар да таза эмес.

6 Адам эмне болуп калыптыр, ал – бар болгону, курт, адам баласы эмне болуп калыптыр, ал – бар болгону, күбө!»

**26-БӨЛҮМ**

**Аюбдун сегизинчи жообу**

1 Ошондо Аюб мындай деп жооп берди:

2 «Күчсүзгө сен кандай жардам бердиң, алсызга сен кандай күч бердиң!

3 Акылсызга сен кандай кеңеш бердиң, ишти толугу менен кандай түшүндүрдүң!

4 Сен бул сөздөрдү кимге айттың? Сенден кимдин руху чыгып жатат?

5 Репалыктар суулардын астында калтырашат, сууда жашагандар да калтырашат.

6 Анын алдында өлгөндөр жаткан жай да ачык, Абадондун жабуусу жок.

7 Ал түндүк уюлду боштук үстүнө жайган, жерди жок нерсенин үстүнө илип койгон.

8 Ал сууларды Өзүнүн булуттарынын ичинде кармап турат, булуттар да суулардын салмагынан жарылбай турат.

9 Ал Өзүнүн тагын орнотуп, анын үстүнө Өзүнүн булуттарын жайып койгон.

10 Жарык менен караңгынын чегине чейин суу үстүнөн чек өткөрүп койгон.

11 Анын каарынан асман түркүктөрү титиреп, үрөйү учуп турат.

12 Ал Өз күчү менен деңизди толкутат, Өзүнүн акылы менен Рахапты талкалады.

13 Асмандын сонундугу – Анын рухунан. Анын колу тез чуркаган жыланды жараткан.

14 Анын жолдорунун бир бөлүгү – мына ушул. Биз Ал тууралуу кандай аз укканбыз! Анын кудуретинин жаңырыгын ким түшүнө алат?»

**27-БӨЛҮМ**

1 Аюб маанилүү сөздөрүн улантып, мындай деди:

2 «Мени акыйкаттыктан ажыраткан Кудай тирүү, жанымды кейиткен кудуреттүү Кудай тирүү.

3 Жаным өзүмдө турганда, Кудайдын руху таноомдо турганда,

4 менин оозум жалганды сүйлөбөйт, тилим калп айтпайт!

5 Мен силерди адилеттүү деп эсептөөдөн алысмын. Өмүрүм өткөнчө өзүмдүн таза экендигимден танбайм.

6 Мен өз чындыгымды бек кармадым, эми аны коё бербейм. Өмүрүм өткөнчө жүрөгүм мени жемелебейт.

7 Душманым кара ниет адамдай болот, мага каршы чыккан адам мыйзамсыз адамдай болот.

8 Анткени Кудай эки жүздүү кишинин жанын сууруп алганда, ал эмнеден үмүттөнмөк эле?

9 Башына мүшкүл түшкөндө, Кудай анын зар-муңун укмак беле?

10 Ал кудуреттүү Кудайдан сооронуч алмак беле? Ар убакта Кудайды чакырмак беле?

11 Кудайдын колунда эмне бар экенин силерге жарыялайм, бардыгын кармап турууч Кудайдын колунда эмне бар экенин силерден жашырбайм.

12 Мына, силер өзүңөр да бардыгын көрдүңөр! Сөз деп эле сүйлөй берүүнүн силерге эмне кереги бар?

13 Мыйзамсыз адамдын Кудайдан тийген энчиси бул, зулумдардын кудуреттүү Кудайдан алган мурасы мындай:

14 эгерде алардын уулдары көбөйсө, анда кылычтан өлүшөт. Урпактары нанга тойбойт.

15 Артында калгандарды өлүм көргө түшүрөт, жесирлери ыйлабайт.

16 Ал күмүштү топурактай жыйып алат, кийимди ылайдай көп даярдап алат.

17 Даярдаганы менен, анын кийимин адил адам киет, күмүшү айыпсыз адамдын энчисине тиет.

18 Ал өз үйүн күбө курттай курат, өз чатырын күзөтчүдөй жасап алат.

19 Ал бай адам болуп уктайт, бирок турганда бай адам болуп турбайт. Көзүн ачса, ал мурункудай эмес.

20 Коркунучтар аны суудай каптайт, түн ичинде аны бороон учуруп кетет.

21 Аны чыгыш шамалы көтөрүп учуруп кетет, ал аны турган жеринен учуруп кетет.

22 Ага жулкунуп кирет, анын колунан ал канчалык качууга аракет кылса да, ал аны аябайт.

23 Аны табалап кол чабышат, анын турган ордунан ага таң калып ышкырышат».

**28-БӨЛҮМ**

**Кудайды акылмандуулугу үчүн даңктоо**

1 «Чындыгында, күмүштүн кени бар, алтындын эритүүчү жайы бар.

2 Темир жерден алынат. Жез таштан эритилип алынат.

3 Адам караңгылыкка чек коёт, караңгылыкта, өлүм көлөкөсүндө кылдаттык менен таш издейт.

4 Эч кимдин буту баспаган жерден кен казат, түпкүргө түшөт, адамдар жок жерде илинип, термелип турушат.

5 Дан өскөн жердин түпкүрүндө от балбылдап жаткансыйт.

6 Анын таштарынын арасынан сапфир табышат, ал жерден алтын кум чыгат.

7 Ошол жакка барчу жолду жырткыч куш билбейт, аны айры куйруктун көзү көргөн эмес.

8 Жаш арстандар аны тепсеген эмес, ал жол менен арстан баскан эмес.

9 Ал гранит ташка колун сунат, тоолорду түп-тамыры менен омкорот.

10 Аскаларды тешип жол чыгарат, анын көздөрү бардык асыл байлыктарды көрөт.

11 Агын суулардын агымын токтотот, жашыруун жаткандарды жарыкка чыгарат.

12 Бирок акылмандык кайдан алынат? Акылдын жаткан жери кайда?

13 Адам анын баасын билбейт, ал тирүүлөр жашаган жерден табылбайт.

14 Түпкүр айтат: “Акыл менде эмес”, – деп, деңиз да: “Менде эмес”, – дейт.

15 Аны алтынга ала албайсың, күмүшкө сатып ала албайсың.

16 Ал Опирдин алтыны менен да, кымбат баалуу акак таш менен да, көк жакут менен да бааланбайт.

17 Ага алтын да, тунук кристалл да тең келбейт, аны таза алтындан жасалган идиштерге да алмаша албайсың.

18 Ал эми маржан менен берметтерди айтып өтүүнүн кажети да жок, акылмандыкка жетүү кыпкызыл лаалга жетүүдөн алда канча артык.

19 Ага Эфиопиянын сары жакут таштары да тең келбейт. Ал таза алтын менен бааланбайт.

20 Анда акылмандык кайдан чыгат? Акылдын чыккан жери кайда?

21 Ал бардык тирүү жандардын көзүнөн жашыруун, асман куштарына да көрүнбөйт.

22 Абадон менен өлүм: "Ал жөнүндөгү сөздү биз өз кулагыбыз менен уктук", – дешет.

23 Анын жолун бир гана Кудай билет, анын орду бир гана Кудайга маалым.

24 Анткени Ал жердин түпкүрүнө чейин карап турат, асман астындагынын бардыгын көрүп турат.

25 Ал шамалга салмак берип жатканда, сууларды өлчөмү менен жайгаштырып жатканда,

26 жамгырга мыйзам берип жатканда, күркүрөгөн чагылгандын жолун түзүп жатканда,

27 аны көрдү жана көрсөттү, аны даярдады, сыноодон да өткөрдү.

28 Анан адамга мындай деп айтты: "Мына, акылмандык деген – Кудайдан коркуу, акыл деген – кыянаттыктан качуу"».

**29-БӨЛҮМ**

**Аюбдун акыркы сөзү**

1 Аюб маанилүү сөздөрүн улантып, мындай деди:

2 «Оо, мен мурунку айлардагыдай болсом кана! Кудай мени сактап жүргөн күндөрдөгүдөй болсом кана!

3 Анын чырактаны менин үстүмдө күйүп турчу, караңгыда мен Анын жарыгы менен жүрчүмүн.

4 Жаш чагымда, Кудайдын ырайымы менин чатырыма тийип турганда, мен кандай элем!

5 Кудуреттүү Кудай мени менен эле, балдарым тегерегимде болчу!

6 Жолдоруma сүт төгүлүп турчу, аскалар мен үчүн зайтун майын чыгарып турчу.

7 Шаар дарбазасынын алдына чыкканымда, аянтка отургучумду койгонумда,

8 жигиттер мени көрүп, жашынып калышчу, карылар ордунан туруп, туруп турушчу.

9 Төрөлөр сөзүн токтотуп, колдору менен ооздорун жабышар эле.

10 Атактуулардын үнү басылып, тилдери таңдайына жабышып калар эле.

11 Мени уккан кулак мени урматтап турар эле, мени көргөн көз мени даңктап турар эле.

12 Анткени мен жардам сураган жакырды да, карай турган кишиси жок жетимди да сактап калчумун.

13 Мага өлүп бара жаткандын батасы тийчү, жесир аялдын жүрөгүнө кубаныч берчүмүн.

14 Мен адилеттиктин кийимин кийип жүрчүмүн, калыстыкты чапан жана баш кийим катары кийип жүрчүмүн.

15 Мен сокурга көз, аксакка бут болчумун.

16 Кайырчыларга ата болчумун. Өзүм билбеген адамдын талаш-тартыш маселесин кылдаттык менен чечип турчумун.

17 Мыйзамсыздын жаагын талкалап турчумун, уурдагандарын тиштеринен сууруп алып турчумун.

18 Мен мындай деп айтчумун: "Өз уямда өлөм, жашоо күндөрүм кумдай көп болот.

19 Тамырым сууга жетет, бутактарыма шүүдүрүм түнөйт.

20 Атак-даңкым карыбайт, колумдагы жаа бек турат".

21 Мага кулак салып турушчу, күтүп турушчу, акыл айтканымда унчугушчу эмес.

22 Мен сүйлөгөндөн кийин, алар сүйлөшчү эмес, менин сөздөрүм алардын кулактарына куюлчу.

23 Мени жамгырды күткөндөй күтүшчү, ооздорун кеч жааган жамгырга ачкансып ачып турушчу.

24 Аларга жылмайып койсом, көргөн көздөрүнө ишенишчү эмес. Алар менин жүзүмдөгү жарыкты өчүрүшчү эмес.

25 Мен аларга жол көрсөтүп турчумун, алардын башында отурчумун, жоокерлердин арасындагы падышадай жашачумун, ыйлагандардын көңүлүн жубаткан сооротуучудай болчумун.

**30-БӨЛҮМ**

1 Азыр болсо мени өзүмдөн кичүүлөр шылдың кылып жатышат, мен алардын аталарын койлорумду кайтарган иттеримдин жанына да жаткырганга макул болбойт элем.

2 Алардын күчтүү колунун мага эмне кереги бар? Алардын убагы өтүп кеткен.

3 Жакырчылык менен ачарчылыктан алсырагандар түнөргөн, ээн калган, суусуз талаада каңгып жүрүшөт.

4 Тикенектин түбүнөн майда чөп терип жешет, тикенектүү бадалдын мөмөсү – алардын тамагы.

5 Аларды эл ичинен кубалап, ууруга кыйкыргандай кыйкырышат.

6 Ошондуктан аларга сай-сайдын жарларында, капчыгай боорлорунда, аска-зоолордун коңулдарында жашоого туура келет.

7 Алар тикенектин арасында ыйлашат, бадалдын түбүнө корголошот.

8 Алар – четке кагылган адамдар, атсыз-нарксыз адамдар, жер жүзүнүн таштандылары!

9 Азыр мен ошолордун ырдар ыры болдум, оозунан түшпөгөн сөзү болдум.

10 Алар мени жек көрүшөт, менден качышат, менин бетиме түкүрүүдөн тартынышпайт.

11 Теңир менин жаамдын жибин үзүп, мени талкалады, ошон үчүн алар менин көз алдымда өздөрүнүн ооздорундагы ооздукту алып салышты.

12 Бул жер жайнаган эл менин оң капталыман чыгып, мени буттан чалып жатат, өздөрүнүн кыйратуучу жолдорун мени көздөй буруп жатышат.

13 Менин жолумду болсо бузушту, жардамчысыз эле менин өлүмүм үчүн бардыгын камдоого үлгүрүштү.

14 Алар мага чоң тешиктен түшкөнсүп түшүп келишти, чуру-чуу менен мага кол салышты.

15 Өтө жаман коркунучтар мага бет алды. Менин кадыр-баркым шамалдай учуп кетти, бак-таалайым булуттай тарап кетти.

16 Азыр болсо ичимдеги жаным кыйналып жатат: мени кайгылуу күндөр курчады.

17 Түнкүсүн сай-сөөгүм сыздайт, тарамыштарымдын тынчы кетти.

18 Үстүмдөгү кийимим өтө кыйынчылык менен чечилет, көйнөгүмдүн жакасы кысып турат.

19 Ал мени ылайга таштады, мен күл менен топуракка окшоп калдым.

20 “Мен Сенден жардам сурап жатам, бирок Сен мага жооп бербейсиң, Сенин алдыңда турам, бирок Сен мага көңүл бурбайсың.

21 Сен мага ырайымсыз болуп калдың, кубаттуу колуң менен мага каршы чыгып жатасың.

22 Сен мени көтөрүп, катуу шамал менен кошо учуруп жатасың, бороон менен көтөрүп чаап жатасың.

23 Ошондуктан мен билем, Сен мени өлүмгө дуушар кылып, бардык жашоочулар чогула турган жайга алып барасың”.

24 Урандылардын астында калган адам жардам сурап колун сунбай коймок беле? Башына кырсык түшкөн адам кыйкырбай коймок беле?

25 Мен башына мүшкүл түшкөндөрдү көргөндө, ыйлаган жок белем? Жардыларды көргөндө, жаным кыйналган жок беле?

26 Мен жакшылыкты эңсеп турганда, жамандык келди, жарыкты күтүп турганда, караңгылык келди.

27 Менин ичим кайнап жатат, басылбайт, мен кайгылуу күнгө туш келдим.

28 Мен капкара болуп басып жүрөм, бирок бул күндөн эмес. Эл арасында туруп, жардам сурап кыйкырып жатам.

29 Мен чөөлөрдүн бир тууганы болуп калдым, төө куштардын досу болуп калдым.

30 Менин терим карарып кетти, сөөктөрүм ысыктан куйкаланды.

31 Лирамдын үнү кайгылуу чыгып калды, сыбызгымдын үнү ыйга окшоп калды.

**31-БӨЛҮМ**

1 Кызды карабайм деп, көзүм менен келишим түзгөм.

2 Мага жогорудан, Кудайдан кандай үлүш тиймек эле? Асмандан, кудуреттүү Кудайдан кандай мурас берилмек эле?

3 Өлүм мыйзамсыздар үчүн эмеспи, кырсык кыянаттык кылгандардын башына түшпөйбү?

4 Кудай менин жолдорумду көргөн жок беле? Менин баскан кадамымды эсептеген жок беле?

5 Эгерде мен жалган жолдо жүргөн болсом, эгерде менин буттарым амалкөйлүккө шашкан болсо,

6 анда мени чындыктын таразасына тартышсын, ошондо Кудай менин айыпсыздыгымды билет.

7 Эгерде менин бутум жолдон бурулган болсо, жүрөгүм көзүмдү ээрчип жүргөн болсо, эгерде таза эмес бир нерсе колума жабышып калган болсо,

8 анда мен сепкенди башка бирөө жесин жана мен өндүргөн нерсе тамырынан жулунсун.

9 Эгерде менин жүрөгүм аялга азгырылса, жакынымдын эшигинин алдына тузак койгон болсом,

10 анда менин аялым башка бирөөнүн жаргылчагын тартсын, аны башка бирөөлөр маскара кылышсын.

11 Анткени бул – ойноштук, бул – сотко тартыла турган күнөө.

12 Бул – менин бүт мал-мүлкүмдү түп-тамыры менен жок кылып сала турган жалмап салуучу от.

13 Кулум менен күңүм мага каршы чыкканда, алардын укуктарын тоотпой койгон болсом,

14 анда Кудай мага каршы чыгар эле, ошондо мен эмне кылар элем? Ал менин ишимди тергей баштаса, мен Ага эмне деп жооп бере алар элем?

15 Мени да, аны да эненин курсагында жараткан Өзү эмеспи, бизди эненин курсагында жасаган Өзү эмеспи?

16 Жакырлардын сураганын бербей койдум беле? Жесирдин көзүн жалдыраттым беле?

17 Бир үзүм нанды жалгыз жедим беле? Андан жетим да жеген жок беле?

18 Анткени ал бала күнүнөн бери меникинде атасыныкында жашагандай жашады, энемдин курсагынан чыккандан бери мен жесирге көз салып келдим.

19 Мен кийими жок өлүп бара жатканды, жамынчысы жок жардыны көргөндө,

20 ал мага чын жүрөктөн батасын бербей койду беле? Ал менин койлорумдун жүнүнө жылынган жок беле?

21 Дарбаза алдында мага жардам беришсе да, жетимге кол көтөрсөм,

22 анда менин ийиним далымдан бөлүнүп түшүп калсын, колум чыканагымдан сынып түшсүн.

23 Анткени Кудайдын жазасы мен үчүн өтө коркунучтуу. Анын улуулугунун алдында мен туруштук бере алмак эмесмин.

24 Мен алтынга таяндым беле? Байлыкка: "Менин үмүтүм сенсиң!" – деп айттым беле?

25 Байлыгымдын ашып-ташыганына, колумдун көп тапканына кубандым беле?

26 Күндүн жаркырап тийип турганын карап туруп, айдын сөөлөттүү калкып баратканын карап туруп,

27 жүрөгүм жашыруун азгырылды беле, оозум колдорумду өптү беле?

28 Анда бул да сотко тартыла турган кылмыш болмок, анткени мен кудуреттүү Кудайдан баш тарткан болор элем.

29 Мен душманымдын кыйраганына кубандым беле? Анын башына түн түшкөндө, салтанат курдум беле?

30 Оозумдун аны каргап күнөөгө батуусуна жол берген эмесмин.

31 Менин чатырымдагы кишилер: "Оо, анын этинен жегендерден эч ким тойбой калган эмес!" – дешкен жок беле?

32 Бөтөн жерден келген киши көчөдө түнөгөн эмес. Жолоочуга эшигимди ачып берчүмүн.

33 Эгерде мен адам катары күнөөлөрүмдү жашырып койгон болсом, мыйзамсыз иштеримди көкүрөгүмө катып койгон болсом,

34 анда мен чоң жамааттан коркор элем, урук-туугандарымдын жек көрүүсү үрөйүмдү учурар эле, мен ооз ачпас элем, босогодон сыртка чыкпас элем.

35 Оо, мени кимдир бирөө укса кана! Менин каалоом мындай: кудуреттүү Кудай мага жооп берсе экен, менин коргоочум буларды китепке жазып койсо экен.

36 Мен аны ийиниме көтөрүп жүрөр элем, башыма гүл таажыдай кийип алар элем.

37 Баскан кадамымдын санын ага кабарлар элем, ага төрөгө жакындагандай жакындар элем.

38 Эгерде жерим менин үстүмөн арызданып ыйлаган болсо, анын бороздору менин үстүмөн даттанган болсо,

39 эгерде мен анын түшүмүн акысыз жеген болсом, дыйкандардын жашоосун кыйынчылыкка салган болсом,

40 анда буудай ордуна төө тикенек, арпа ордуна карамык өссүн». Ошентип, Аюбдун сөзү бүттү.

**32-БӨЛҮМ**

**Элийунун сөзү**

1 Аюб өзүнүкүн туура деп эсептегендиктен, тигил үч киши Аюбга жооп бергенин токтотушту.

2 Ошондо Рам уруусунан чыккан буздук Барахел уулу Элийунун каары кайнады. Өзүн Кудайга караганда адилеттүү эсептегени үчүн, ал Аюбга аябай ачууланды.

3 Эмне деп жооп берүүнү билбей туруп, Аюбду айыптай берген үч досуна да ачууланды.

4 Алар өзүнөн улуу болгондуктан, Элийу Аюбга каршы сүйлөй элек эле.

5 Элийу тигил үч кишинин оозунда жооп жок экенин көргөндө, абдан ачууланды.

6 Буздук Барахел уулу Элийу мындай деп жооп берди: «Мен силерден жашмын, силер карысыңар, ошондуктан ыйбаа кылып, оюмду айткандан корктум.

7 Мен өзүмчө: "Карылык сүйлөсүн, көп жашагандар акылмандыкка үйрөтсүн", – дедим.

8 Бирок адамга акылды адамдын ичиндеги рух менен кудуреттүү Кудайдын деми берет.

9 Көп жашагандар эле акылман боло бербейт, чындыкты карылар эле түшүнө бербейт.

10 Ошондуктан мен мындай дейм: "Мени уккула, мен да өз пикиримди айтайын".

11 Мен силер сүйлөп бүткөнчө күтүп турдум, силердин пикириңерди көңүл коюп угуп турдум, силер айтар сөзүңөрдү ойлоп тапкыча күтүп турдум.

12 Мен силерди кадала карап турдум, бирок Аюбду эч кимиңер ашкерелеген жоксуңар, анын сөздөрүнө эч кимиңер жооп берген жоксуңар.

13 Ошондуктан силер: "Биз акылмандыкка жеттик, аны адам эмес, Кудай ашкерелейт", – деп айтпагыла.

14 Эгерде Аюб мага карата сүйлөсө, анда мен силерге окшоп жооп бермек эмесмин.

15 Коркуп кетишти, жооп бере албай калышты, сүйлөбөй калышты.

16 Мен күтө бердим, алар болсо сүйлөбөй коюшту, токтоп калышты, жооп бере албай калышты.

17 Ошондуктан өзүм тараптан мен да жооп берейин, мен да өз оюмду айтайын.

18 Анткени айтар сөзүм толтура, рухум ичиме батпай бара жатат.

19 Ичим оозу ачыла элек шараптай, жарылганы турган жаңы чаначтай болуп турат.

20 Сүйлөсөм, жеңилдеп калам, оозумду ачып жооп берейин.

21 Эч кимге бет карамалык кылбайм, эч бир адамга жагынып, кошомат кылбайм.

22 Анткени мен кошоматчылык кылганды билбейм, эгерде ошондой болсо, Жаратканым, мени азыр өлтүр!

**33-БӨЛҮМ**

1 Ошондуктан, Аюб, менин сөздөрүмө кулак сал, менин бардык сөздөрүмдү ук.

2 Мына, мен оозумду ачып жатам, менин тилим көмөкөйүмдө сүйлөп жатат.

3 Менин сөздөрүм таза жүрөктөн чыгат, оозум таза билимди сүйлөйт.

4 Мени Кудайдын Руху жараткан, мага кудуреттүү Кудайдын деми жан берген.

5 Эгерде жооп бере алсаң, жооп бер, даярдан, менин алдымда сүйлө.

6 Кудайдын алдында мен да сендеймин, мен да сага окшоп топурактан жаратылгам.

7 Ошондуктан менден коркуп тынчың кетпесин, менин колум сен үчүн оор болбосун.

8 Сен менин кулагыма сүйлөдүң, мен сенин сүйлөгөн үнүңдү уктум.

9 Сен: "Мен тазамын, кемчилигим жок, күнөөлүү эмесмин, менде жалганчылык жок.

10 Бирок Кудай менден айып тапты, мени Өзүнүн душманы деп эсептейт.

11 Менин буттарымды көзөнөк жыгачка салып, менин бардык жолдорумду карап турат", – дедиң.

12 Сенин ушинтип айтканың туура эмес, мен сага муну далилдеп берем, анткени Кудай адамдан жогору.

13 Эмне үчүн сен Аны менен айтышып жатасың? Ал Өзүнүн иштеринин биринин да эсеп-кысабын бербейт.

14 Кудай бир жолу айтат, эгерде аны байкабай калышса, экинчи жолу:

15 түшүндө, түнкү көрүнүштө, адамдардын баары уктап жатканда, төшөгүндө үргүлөп жатканда айтат.

16 Ошол учурда Ал адамдын кулагын ачып, Өзүнүн насаатын куят.

17 Адамды кандайдыр бир жаман иштен буруп кетиш үчүн жана анын текеберлигин жок кылыш үчүн,

18 анын жанын туңгуюктан сакташ үчүн жана анын өмүрүн кылычтан өлүүдөн сакташ үчүн ошентет.

19 Же болбосо ал оору аркылуу, сай-сөөгүн сыздаткан оору аркылуу төшөктө жатып эсине келет.

20 Анын нанга көңүлү чаппай калат, жаны жактырган тамакты жээрип калат.

21 Эти качат, көрүнбөгөн сөөктөрү көрүнүп, оркоюп чыгат.

22 Анын жаны көргө, өмүрү өлүмгө жакындайт.

23 Эгерде анын адамга түз жол көрсөтүүчү, миңдеген периштелердин бири болгон насаатчы периштеси бар болсо,

24 Кудай ага боор ооруп: "Аны көрдөн куткар, Мен анын жаны үчүн төлөнүүчү кун таптым", – дейт.

25 Ошондо анын денеси жаш кезиндегиден да жаш болуп калат. Ал өзүнүн жаш чагына кайрылып келет.

26 Кудайга сыйына турган болсо, Ал ага ырайым кылат. Ал анын жүзүнө кубаныч менен карайт. Адамга адилдигин кайра берет.

27 Ошондо ал адамдарга карап, мындай деп айтат: “Мен күнөөгө батып, чындыкты бурмалагам, бирок жазаланган эмесмин.

28 Ал менин жанымды көрдөн куткарды, ошондуктан менин өмүрүм жарыкты көрүп жатат”.

29 Кудай адамга ушунун баарын эки-үч жолу кылат.

30 Анын жанын көрдөн алып калыш үчүн жана тирүүлөрдүн жарыгы менен жарык кылыш үчүн, ушундай кылат.

31 Көңүл бур, Аюб. Ук мени, үндөбө, мен сүйлөйүн!

32 Эгер айтар жообуң болсо айт, сүйлө, анткени мен сенин актанышыңды каалар элем.

33 Эгер жок десең, анда мени ук, унчукпа, мен сени акылмандыкка үйрөтөм».

**34-БӨЛҮМ**

1 Элийу сөзүн мындай деп улантты:

2 «Уккула, акылмандар, менин сөзүмдү! Акыл-эстүүлөр, мага кулак салгыла!

3 Анткени таңдай тамактын даамын кандай айырмаласа, кулак сөздү ошондой айырмалайт.

4 Ой-пикирибизди ортого салып, эмне жакшы экенин билели.

5 Анткени Аюб мындай деди: “Меники туура, бирок Кудай мени укуктан ажыратты.

6 Менин адилдигимди төгүнгө чыгарды. Жазыксыз алган жараатым айыккыс”.

7 Шылдыңды суудай ичип жаткан Аюбдай адам барбы?

8 Ал мыйзамсыз иштерди жасагандардын уюмуна кирип, мыйзамсыз адамдар менен жүрөт.

9 Анткени ал мындай деп айтты: “Кудайга жакшы иштер менен жагынуудан адамга пайда жок”.

10 Ошондуктан мени уккула, акылдуу адамдар! Кудайда калп болушу мүмкүн эмес, кудуреттүү Кудайда адилетсиздик болбойт.

11 Анткени Ал өзүнүн иштерине жараша кылат, ар бир адамга жолдоруна жараша берет.

12 Чындыгында, Кудай жалган нерсе жасабайт, кудуреттүү Кудай сотту бурмалабайт.

13 Жер жүзүн Ага ким тапшырды? Бүткүл ааламды Ага ким башкартып койду?

14 Эгерде Ал Өз жүрөгүн Өзүнө каратып, руху менен демин Өзүнө ала турган болсо,

15 анда бардык тирүү жандар ошол замат өлүп калышмак, адам топуракка айланмак.

16 Ошентип, эгерде сенде акыл болсо, анда буга кулак сал, менин сөздөрүмдү көңүл коюп ук.

17 Чындыкты жек көргөн адам бийлик кыла алабы? Бардыгынан Адилеттүүнү сен айыптай аласыңбы?

18 Падышага: “Сен адилетсизсиң”, – деп, төрөлөргө: “Силер мыйзамсызсыңар”, – деп айтууга болобу?

19 Бирок Ал төрөлөрдүн жүзүнө карабайт, байды кедейден артык көрбөйт, анткени баары Анын колунан чыккан.

20 Алар күтүлбөгөн жерден өлүшөт, эл түн ичинде дүрбөлөңгө түшөт, ошентип, алар жок болушат. Күчтүүлөрдү кууп чыгышат, бирок кол менен эмес.

21 Анткени Анын көздөрү адамдын жолдорунда, Ал адамдын бардык кадамдарын көрүп турат.

22 Мыйзамсыз иштерди кылгандар жашына турган караңгы жер жок, өлүм көлөкөсү да жок.

23 Ошондуктан Кудайга адамдын ишин иликтеп отуруунун зарылдыгы жок.

24 Ал күчтүүлөрдү изилдебей эле жок кылат да, алардын ордуна башкаларды коёт.

25 Анткени алардын иштерин Ал ачыкка чыгарат да, аларды түн ичинде кыйратат, ошентип, алар тукум курут болушат.

26 Кудай аларды мыйзамсыз кишилер катары башкалардын көз алдында кыйратат.

27 Анткени алар Андан баш тартышты, Анын бардык жолдорун түшүнгүлөрү келген жок.

28 Ошондуктан жакырлардын зар-муңу Кудайга жетти, Ал эзилгендердин онтогонун укту.

29 Эгерде Ал тынчтык тартууласа, ким буза алат? Эгерде Ал Өз жүзүн жашырса, ким Аны көрө алат? Элди да, адамды да Ал көзөмөлдөп турат.

30 Элди азгырган эки жүздүү адам падышачылык кылбасын деп, көз салып турат.

31 Кудайга мындай деп айтуу керек: “Мен өз жазамды алдым, эми күнөө кылбайм.

32 Ал эми мен билбегенди Сен үйрөт. Эгерде мен мыйзамсыз иш кылсам, мындан ары антпейм”.

33 Ал сага сенин каалооң боюнча бериши керекпи? Кабыл албай жаткандан кийин, мен эмес, өзүң тандап алышың керек. Эмне билсең, ошону айт.

34 Акылдуу адамдар жана сөзүмдү уккан даанышман мага мындай деп айтышат:

35 “Аюб акылсыз сүйлөп жатат, анын сөздөрүнүн мааниси жок”.

36 Аюбдун мыйзамсыз адамдарга окшоп жооп берген жообуна жараша толугу менен сыноодон өтүшүн каалар элем.

37 Болбосо ал өз күнөөсүнө Кудайдан чегингендигин кошуп алат, арабызда алакан чаап, Кудайга мындан да көп акарат келтирет».

**35-БӨЛҮМ**

1 Элийу сөзүн мындай деп улантты:

2 «Сен: “Мен Кудайдан да адилмин”, – деген сөзүңдү туура деп эсептейсиңби?

3 Сен: “Мага эмне пайда? Мен күнөө кылбаган күндө да, андан кандай киреше алмакмын?” – дедиң.

4 Мен сага жана сенин досторуңа жооп берейин:

5 Асманга көз чаптырып кара. Булуттарды кара, алар сенден бийик турат.

6 Эгер сен күнөө кылсаң, Ага эмне кыла аласың? Эгер сенин кылмышың көбөйүп кетсе, Ага кандай зыян келтире аласың?

7 Эгерде сен адилет болсоң, анда Ага эмне бересиң? Же Ал сенин колуңдан эмне алмак?

8 Сенин адилетсиздигиң сага окшогон адамга тиешелүү, сенин адилеттигиң адам баласына тиешелүү.

9 Эзүүчүлөр көп болсо, эзилгендер онтошот, күчтүүлөрдүн колунан ыйлашат.

10 Бирок бир да киши: “Менин Кудайым, Жаратуучум кайда, түнкүсүн ыр берген Теңир кайда?

11 Жер үстүндөгү айбандарга караганда бизге көбүрөөк үйрөткөн, асмандагы куштарга караганда бизге көбүрөөк акыл-эс берген Теңир кайда?” – деп айтпайт.

12 Ал жерде алар боздоп жатышат, бирок Ал жаман кишилердин текебердүүлүгүнөн аларга жооп бербей жатат.

13 Бирок Кудай укпайт, кудуреттүү Кудай муну көрбөйт деген туура эмес.

14 Аны көрбөй жатамын десең да, Анын алдында сот болот, ошон үчүн аны күт.

15 Бирок азыр ага Кудайдын каары тие элек, ошондуктан ал аны толук биле элек.

16 Ошондуктан Аюб жеңил ойлуулук менен сүйлөп жатат, сөзүн текке кетирип жатат».

**36-БӨЛҮМ**

1 Элийу сөзүн мындай деп улантты:

2 «Бир аз чыдай тур, Кудайдын атынан дагы айта турган сөзүм бар экенин мен сага көрсөтөйүн.

3 Мен пикиримди алыстан баштайм, Жаратканымдын адилеттүүлүгүн далилдеп берем.

4 Анткени, чынында эле, менин сөздөрүм жалган эмес. Сенин алдыңда билими жеткилең бирөө турат.

5 Мына, Кудай кудуреттүү, Ал жүрөгү таза адамды четке какпайт!

6 Ал мыйзамсыздарды колдобойт, эзилгендерге тиешелүүсүн берет.

7 Ал адилдерден көзүн албайт, аларды падышалардын тагына отургузат, аларды жогорулатат.

8 Эгерде алар чынжыр менен кишенделип, кырсыктын кишендеринде кармалып турушса,

9 анда Ал алардын иштерин өздөрүнө көрсөтөт, алардын мыйзамсыздыгы көбөйүп кеткенин өздөрүнө көрсөтөт.

10 Эскертиш үчүн, алардын кулактарын ачат, аларга: “Мыйзамсыз иштерден баш тарткыла”, – дейт.

11 Эгерде тил алып, Ага кызмат кылышса, анда өз күндөрүн жыргалчылыкта, өз жылдарын шаттыкта өткөрүшөт.

12 Эгерде тил алышпаса, анда жаа жебесинен өлүшөт, акылдан ажырап өлүшөт.

13 Бирок эки жүздүүлөр жүрөгүнө каар топтойт, Кудай аларды кишендеп салганда, Ага кайрылышпайт.

14 Ошондуктан алардын жаны жаш чагында өлөт, өмүрлөрү бузулгандар менен өтөт.

15 Ал жакырды башына түшкөн кырсыктан куткарат, эзилип жатканда, анын кулагын ачат.

16 Ал сени да тар жерден кысымчылык жок, кең жерге алып чыгат эле, дасторконуң майга толот эле.

17 Бирок сен мыйзамсыздардын түшүнүктөрүнө жык толгонсуң: түшүнүк менен айыптоо сага жакын.

18 Кудайдын каары сени жазалап, өлтүрүп койбосун! Сени чоң кун куткарбайт.

19 Ал сенин байлыгыңды бааламак беле? Жок! Алтыныңды да, байлыгыңды да баалабайт.

20 Элдер өздөрүнүн турган жеринде кырылып жаткан ошол түндү тилебе.

21 Сактан, мыйзамсыздыкка барба, анткени сен азап тартканды мыйзамсыздык кылгандан артык көрдүң.

22 Кудай Өзүнүн кудурети менен бийик, Андай насаатчы барбы?

23 Ким Ага Анын жолун көрсөтөт? “Сен адилетсиз иш кылып жатасың”, – деп, Ага ким айта алат?

24 Адамдар көрүп турган Анын иштерин даңазалоону унутпа.

25 Анын иштерин ар бир адам көрө алат, адам аларды алыстан байкай алат.

26 Мына, Кудай улуу, ошондуктан биз Аны таанып биле албайбыз; Анын жылдарынын саны изилденгис.

27 Ал суу тамчыларын чогултат, алар көп болгондо, жамгыр болуп төгүлөт.

28 Жамгыр булуттардан тамчылайт, адамдарга мол төгүлөт.

29 Ошондой эле булуттардын жайылышын, Анын чатырынын күркүрөгөнүн ким түшүнө алат?

30 Азыр алардын үстүнө Ал Өз жарыгын чачыратып, деңиз түбүн жаап жатат.

31 Ал жактан Ал элдерди башкарып, тамак-ашты мол берип жатат.

32 Ал чагылганды Өз колдоруна жашырып, ага кимди урууну буйруйт.

33 Анын күркүрөөсү Өзү жөнүндө билдирет, жаныбарлар да эмне болуп жатканын сезишет.

**37-БӨЛҮМ**

1 Бул жөнүндө ойлогондо, жүрөгүм титиреп, ордунан козголуп кетти.

2 Уккула, Анын үнүн уккула, Анын оозунан чыккан күркүрөөнү уккула!

3 Анын жаңырыгы бүт асманга жаңырат, анын жарыгы бүт жер үстүнө жаркырайт.

4 Анын артынан үн күркүрөйт. Кудай Өзүнүн улуулугунун үнү менен күркүрөйт. Анын үнүн эч ким токтотпойт.

5 Кудай Өз үнү менен укмуштуудай күркүрөп жатат, биздин акылыбыз жетпеген улуу иштерди жасап жатат.

6 Анткени Ал карга: "Жерге түш!" – деп айтат. Жамгыр да, нөшөр да Анын бийлиги астында.

7 Анын ишин бардык адамдар билиш үчүн, Ал ар бир адамдын колуна мөөр басат.

8 Ошондо айбандар ийиндерине кирип, чээндеринен чыкпай калышат.

9 Түштүктөн бороон, түндүктөн ызгаар келет.

10 Кудайдын деминен муз жаралат, суунун үстү тартылат.

11 Ошондой эле Ал булуттарды сууга толтурат, булуттар Анын жарыгын таратышат.

12 Булуттар Анын каалоосу боюнча багыт алып, жер бетинде Анын буйруктарын аткарышат.

13 Ал аларды, же жазалаш үчүн, же жакшылык үчүн, же ырайым кылыш үчүн жиберет.

14 Буга көңүл бур, Аюб. Токтой тур, Кудайдын укмуш иштерин түшүн.

15 Кудай аларды кандай жайгаштырганын, Өзүнүн булуттарынын арасынан чагылганды кандай чартылдатарын билесиңби?

16 Булуттардын кантип илинип турганын, билимдин Кеменгери жасаган керемет иштерди билесиңби?

17 Ал түштүктүн ысык шамалы менен жерди тынчытканда, кийген кийимиң кандай ысырын билесиңби?

18 Сен Аны менен кошо жез күзгүдөй жаркыраган асманды жайдың беле?

19 Бизге Ага эмне деп айтууну үйрөт. Биз бул караңгылыкта эч нерсе түшүнө албай жатабыз.

20 Менин айтканым Ага жетет болду бекен? Айтылган сөздүн Ага жеткенин айткан бирөө бар бекен?

21 Азыр булуттардан күндүн жарыгы көрүнбөй жатат, бирок шамал согуп, асманды тазалап кетет.

22 Жаркыроо түндүктөн келет, Кудайдын тегереги укмуштуудай жарык.

23 Кудай кудуреттүү! Ага биздин акылыбыз жетпейт. Ал күчү, өкүмү жана адилеттүүлүгү менен улуу. Ал эзбейт.

24 Ошондуктан адамдар Анын алдында коркуп турушсун, бардык акылмандар Анын алдында титиреп турушсун!»

**38-БӨЛҮМ**

**Кудайдын Аюбга берген жообу**

1 Теңир бороондун ичинен Аюбга мындай деп жооп берди:

2 «Мааниси жок сөздөрү менен Кудайдын чечимин караңгылаткан бул ким?

3 Эркектей болуп белиңди буу, Мен сенден сурайын, сен Мага түшүндүрүп бер!

4 Мен жердин негизин жаратканда, сен кайда элең? Айт, эгер билсең.

5 Анын көлөмүн ким чектеди? Айт, эгер билсең. Аны ким жип менен ченеп чыкты?

6 Анын негизи эмненин үстүнө орнотулган? Же болбосо анын бурчка коюлуучу ташын ким койгон?

7 Таңкы жылдыздардын кубанычтуу ырынын коштоосунда Кудайдын бардык уулдары кубанычтан кыйкырып турганда, сен кайда элең?

8 Деңиз эненин курсагынан чыккансып чыкканда, аны дарбаза менен ким тосту?

9 Мен ага булутту кийим кылып, мунарыкты жалаяк кылып бергенде, сен кайда элең?

10 Мен ага чек коюп, дарбаза, кулпу салып:

11 “Ушуга чейин жетесиң, андан ары өтпөйсүң, текебердүү толкунуңдун чеги ушул жер болот”, – деп айтканда, сен кайда элең?

12 Сен өз өмүрүңдө таңга буйрук бердиң беле? Таң нуруна өз ордун көрсөттүң беле?

13 Сен ага төгөрөктүн төрт бурчун нурга бөлө дедиң беле? Жер жүзүнөн мыйзамсыздарды силкип сал дедиң беле?

14 Чопо мөөрдүн астында өзгөрүлгөндөй, жер да өзгөрүлүп, түрдүү түстөгү кийимдей болуп калсын дедиң беле?

15 Мыйзамсыздардын чырагы өчсүн дедиң беле? Алардын суук колдору сынсын дедиң беле?

16 Сен деңиздин тереңине түштүң беле? Түпкүрдүн түбүн изилдегени түштүң беле?

17 Сен үчүн өлүм дарбазасы ачылды беле? Өлүм көлөкөсүнүн дарбазасын көрдүң беле?

18 Жердин кеңдигин карап чыктың беле? Эгерде ушулардын бардыгын билсең, түшүндүрүп бер.

19 Жарык жашаган жерге барчу жол кайда? Караңгынын турган жери кайда?

20 Анын чегине жеткениң чын, анын үйүнө алып баруучу жолду билериң чын.

21 Сен муну билесиң, анткени сен ошол кезде эле төрөлгөнсүң, сен жашаган күндөрдүн саны өтө көп.

22 Сен кар сактагыч кампага кирдиң беле? Мөндүрлөр сакталган казынаны көрдүң беле?

23 Мен аларды алаамат күндөргө, салгылаш менен кан майдан күндөрүнө сактап турам.

24 Жарык кайсы жол менен жайылат? Чыгыш шамалы жер үстүнөн кайсы жол менен өтөт?

25 Суулардын нугун ким буруп турат, чартылдаган чагылгандын жолун ким салып турат?

26 Эл жашабаган жерлерге, адам жашабаган эрме чөлдөргө ким жамгыр жаадырып жатат?

27 Чөлдөр менен талаалардын суусунун ким кандырып жатат? Ким чөптөрдүн тамырын жибитип, өскөнгө түрткү берип жатат?

28 Жамгырдын атасы барбы? Же шүүдүрүмдүн тамчыларын ким жаратып жатат?

29 Муз кимдин курсагынан чыгат, асман бубагын ким жаратып жатат?

30 Суулар таштай болуп катат, түпсүздүктүн үстү тоңот.

31 Сен Ким топ жылдызынын түйүнүн байлай аласыңбы, Кесил топ жылдызынын түйүнүн чече аласыңбы?

32 Топ жылдызды өз маалында чыгара аласыңбы? Ашты балдары менен алып жүрө аласыңбы?

33 Асмандын мыйзамдарын билесиңби, жер жүзүнө анын бийлигин орното аласыңбы?

34 Суу мол болуп, сени капташ үчүн, булуттарга үнүңдү көтөрө аласыңбы?

35 Чагылгандарды жибере аласыңбы? Алар сага келип: “Биз мына”, – деп айтышмак беле?

36 Жүрөккө акылмандыкты ким салды, же болбосо акылга маанини ким берди?

37 Ким өз акылы менен булуттарды санап чыга алат? Ким асман идиштериндеги сууларды токтото алат?

38 Топурак чылага айланып, чоң кесектер бири-бирине жабышып жатканда, аларды ким токтото алат?

39 Ургаачы арстандын тамагын сен таап берип жатасыңбы? Арстандын балдарын сен тойгузуп жатасыңбы?

40 Алар чээнде жатканда же көлөкөлүү буктурмада жем аңдып отурганда, тамагын сен камдап берип жатасыңбы?

41 Балапандары тамак таппай каңгып, Кудайга кайрылып чыйпылдап жатканда, каргалардын жемин ким даярдап берип жатат?

**39-БӨЛҮМ**

1 Сен аскалардагы жапайы эчкилердин тууй турган маалын билесиңби? Маралдардын тууп жатканын көрдүң беле?

2 Алардын боозуган ай-күнүн эсептей аласыңбы? Алардын тууй турган маалын билесиңби?

3 Алар балдарын тууп, өз жүктөрүн ыргытып жатышканда ийилишет.

4 Алардын балдары күчкө кирип, талаада чоңоюп, бөлүнүп кетишет, аларга кайрылып келишпейт.

5 Жапайы эшекти эркин коё берген ким? Жапайы качырды кишенден чыгарган ким?

6 Аларга талааны үй кылып, шор жерди турак кылып берген Менмин.

7 Ал көп эл жашаган шаарга күлөт, айдагандардын кыйкырыгын укпайт.

8 Тоолордон жем издейт, ар кандай өсүмдүктөрдү издеп табат.

9 Жапайы өгүз сага кызмат кылгысы келеби? Ал сенин малканаңа түнөйбү?

10 Жапайы өгүздү аркан менен байлап алып, жер айдай аласыңбы? Аны менен талааны малалай аласыңбы?

11 Күчтүү деп, ага ишене аласыңбы? Ага өзүңдүн ишиңди таштап коё аласыңбы?

12 Ал сенин үрөнүңдү кайрып, кырманыңа жыйып беререрине ишене аласыңбы?

13 Тоос кушка кооз канатты, төө кушка канат менен мамык жүндү сен бердиң беле?

14 Ал жумурткасын жерге таштайт, аларды кумга жылытат.

15 Аларды бирөөнүн буту басып кетерин же жырткыч айбандар тебелеп кетерин унутуп калат.

16 Ал өгөй балдарына мамиле кылгансып, өз балдарына катаал мамиле кылат, мээнетим текке кетет деп коркпойт.

17 Анткени Кудай ага даанышмандык берген эмес, ага акыл да бөлүп берген эмес.

18 Бирок ал бийиктикке көтөрүлгөндө, атка да, атчанга да күлөт.

19 Атка кубат берип, мойнуна жал жапкан сенби?

20 Аны чегирткени коркуткандай коркута аласыңбы? Таноосунан чыккан кошкурук – бир укмуш!

21 Буттары менен жер казып, күчүнө сыймыктанат, куралга каршы барат.

22 Ал коркунучка күлөт, андан коркпойт, кылычтан жалтанбайт.

23 Үстүндө саадак кагылат, найза менен кыска найза жаркылдайт.

24 Жаалы келип турганда, топурак жутат, сурнай тартылганда, ордунда тура албайт.

25 Сурнай тартылганда, "куу-куу" деп кишенеп турат. Ал салгылашты, жол башчылардын катуу үндөрүн, кыйкырыкты алыстан сезет.

26 Туйгун сенин акылмандыгың менен учуп жүрөбү? Канаттарын сенин акылмандыгың менен түштүккө жайып жатабы?

27 Бүркүт сенин сөзүң менен асманга көтөрүлүп, аскага уясын салабы?

28 Ал зоокада жашайт, зооканын кырында, эч ким бара албас жерде түнөйт.

29 Ошол жактан өзүнүн жемин көрөт, анын көздөрү алыстан көрөт.

30 Анын балапандары кан ичет, өлүк кайсы жерде жатса, ал ошол жерде».

31 Теңир сөзүн улантып, Аюбга мындай деди:

32 «Кудуреттүү Кудай менен талашып-тартышкан адам да үйрөтөбү? Кудайды ашкере кылган адам Ага жооп берсин».

33 Ошондо Аюб Кудайга мындай деп жооп берди:

34 «Мына, мен эч нерсеге арзыбаган адаммын! Мен Сага эмне деп жооп берем? Колум менен оозумду жабам.

35 Мен бир жолу айткан болчумун, эми жооп бербейм, эки жолу айткан болсом да, мындан ары жооп бербейм».

**40-БӨЛҮМ**

1 Теңир Аюбга бороон ичинен мындай деп жооп берди:

2 «Эркектей болуп белиңди буу, Мен сенден сурайын, сен Мага түшүндүрүп бер.

3 Өзүңдү акташ үчүн, Менин сотумду жокко чыгарып, Мени айыптагың келеби?

4 Сенин күчүң Кудайдыкындайбы? Ал күркүрөгөндөй күркүрөй аласыңбы?

5 Андай болсо өзүңдү улуулук менен, даңаза менен шөкөттөп көрчү, жаркыраган шаан-шөкөт менен, келишкен көөздүк менен курчанып көрчү.

6 Каарыңдын жаалын чачып көрчү, текебер болгон бардык нерсени карап, аны моюн сундуруп көрчү.

7 Менменсингендердин баарын карап, аларды кемсинтип көрчү, мыйзамсыздарды турган жеринде кыйратып көрчү.

8 Алардын баарын жерге көмүп көрчү, алардын жүзүн караңгылык менен каптап көрчү.

9 Мен ошондо сени өзүңдүн оң колуң куткара алат деп билем.

10 Мына бегемот, Мен аны сени жараткандай эле жараткам. Ал өгүздөй болуп чөп жейт.

11 Анын күчү белинде, анын кубаттуулугу белинин булчуңунда.

12 Куйругун кедр жыгачындай бурат, белиндеги тарамыштары тутумдашып турат.

13 Анын буттары жез кернейдей, сөөктөрү темир таяктардай.

14 Бул – Кудайдын жолдорунун жеткен чеги. Аны Жараткан гана ага Өз кылычын жакындата алат.

15 Анын тамагын тоолор камдайт, ал жерде бардык жапайы айбандар оюн салып жүрүшөт.

16 Ал саябандуу дарактардын түбүндө, калың камыштардын арасында, саздарда жатат.

17 Аны саябандуу дарактар көлөкөсү менен жаап, өзөн боюндагы талдар курчап турат.

18 Мына, ал дарыядан суу ичип жатат, шашпайт, Иордан суусу оозуна кирип жатса да, козголуп койбойт.

19 Аны өзүнүн көзүнчө ким кармай алат? Ким анын тумшугун темир илгек менен теше алат?

20 Сен лебийатанды кайырмак менен тартып чыгара аласыңбы? Жип менен тилинен байлай аласыңбы?

21 Анын таноосун тешип чүлүктөй аласыңбы? Жаагын ийне менен теше аласыңбы?

22 Ал сага көпкө жалынып турмак беле? Сага жылуу сөздөрдү сүйлөмөк беле?

23 Ал сени менен келишим түзмөк беле? Аны өзүңө биротоло кул кыла аласыңбы?

24 Аны менен чымчык менен эрмектешкендей эрмектеше аласыңбы, аны кыздарың үчүн байлап бере аласыңбы?

25 Аны балыкчылар сатышат болду бекен? Аны Канаан соодагерлеринин арасында бөлүшөт болду бекен?

26 Анын терисин найза менен теше аласыңбы, башын балыкка ыргыткан дегээ менен сая аласыңбы?

27 Ага кол салып көрчү! Күрөш жөнүндө унутпа, мындан кийин мындай кылбайсың.

**41-БӨЛҮМ**

1 Сенин үмүтүң бекер, анын бир эле көз карашынан кулап калбайт бекенсиң?

2 Анын тынчын алганга батынгыдай баатыр жок, анан Менин алдымда ким туруштук берип тура алат?

3 Мен карыз болгудай, Менден мурун бирөө бар беле? Асман астындагынын бүт бардыгы Меники.

4 Анын дене мүчөлөрү тууралуу, анын күчү тууралуу, анын төп келишкен келбети тууралуу унчукпай коё албайм.

5 Ким анын терисин сыйрый алат, ким анын кош жаагына жакындап бара алат?

6 Ким анын оозун ача алат? Анын тегерете тизилген тиштери үрөйдү учурат.

7 Анын сыймыгы – катуу кабырчыгы. Алар бири-бирине бекем жабыштырылган.

8 Алар бири-бирине тийип турат, арасынан аба да өтпөйт.

9 Бири-бирине тыгыз жатат, бири-бирине жармашып турат, ажырабайт.

10 Анын чүчкүрүгүнөн жарык көрүнөт, анын көздөрү таңдын кирпиктериндей.

11 Анын оозунан жалын чыгып, от учкундары чачырайт.

12 Кайнап жаткан казандан түтүн чыккансып, анын таноолорунан түтүн чыгат.

13 Анын деми көмүрдү күйгүзүп кетет, анын оозунан жалын чыгат.

14 Анын мойнунда күч жатат, анын алдында коркунуч качат.

15 Анын денесинин эт бөлүктөрү өз ара бекем бириккен, козголбойт.

16 Анын жүрөгү таштай катуу, тегирмендин астынкы ташындай катуу.

17 Ал ордунан турганда, балбандарды коркунуч басып, үрөйлөрү учкандыктан, өздөрүн таптакыр жоготуп коюшат.

18 Ага тийген кылыч да, найза да, дегээ да, соот да туруштук бере албайт.

19 Темирди ал саман катары, жезди чириген дарак катары эсептейт.

20 Жаа кызы аны качыра албайт. Салмоор таштары ал үчүн топондой.

21 Чокморду ал бир тал самандай көрөт, дегээнин ышкырып учканына анын күлкүсү келет.

22 Анын астында курч таштар жатат, ал баткактагы учтуу таштардын үстүндө жатат.

23 Ал иримди казандай боркулдатып, деңизди майдай кайнатат.

24 Артына жарык чачкан жол калтырат, ошондо түпсүздүк агарып калгандай көрүнөт.

25 Жер үстүндө ага эч нерсе тең келе албайт, ал коркпос болуп жаратылган.

26 Бийик тургандардын баарына тайманбай карайт, ал – бардык текебер уулдардын падышасы».

**42-БӨЛҮМ**

1 Ошондо Аюб Теңирге мындай деп жооп берди:

2 «Сенин баарын жасай аларыңды, Сенин ниетиңди эч ким токтото албастыгын билем.

3 Сен: “Эч нерсени түшүнбөй туруп, Кудайдын чечимин караңгылаткан бул ким?” – деп айттың. Ошондуктан мен өзүм түшүнбөгөн нерселер жөнүндө, өзүм билбеген кереметтүү иштер жөнүндө айткам.

4 “Ук, мен сүйлөйүн. Мен сенден сурайын, Сен болсо мага түшүндүрүп бер”, – дегем.

5 Мен Сен жөнүндө ушуга чейин кулагым менен уккам, азыр болсо Сени өз көзүм менен көрүп турам.

6 Ошондуктан мен мурунку айткан сөздөрүмдөн баш тартам, топурак менен күлгө отуруп алып өкүнөм».

**Жыйынтык**

7 Теңир Аюбга ушул сөздөрдү айткандан кийин, теймандык Элипазга Теңир мындай деди: «Силер Мен жөнүндө Менин кулум Аюбдай туура сүйлөбөгөнүңөр үчүн, сага жана сенин эки досуңа Менин каарым кайнап турат.

8 Ошондуктан жети букачар, жети кочкор алып, Менин кулум Аюбга барып, өзүңөр үчүн курмандык чалгыла. Ошондо Менин кулум Аюб силер үчүн сыйынат. Силер Мен жөнүндө Менин кулум Аюбдай туура айткан жоксуңар. Ошондуктан силерди жазалабашым үчүн, Мен Аюбду гана кабыл алам».

9 Ошондо теймандык Элипаз, шухтук Билдат, наамалык Сопар барып, Кудай кандай буйруса, ошондой кылышты. Ошондо Теңир Аюбду кабыл алды.

10 Аюб өз достору үчүн Кудайга сыйынгандан кийин, Теңир Аюбдун жоготууларын кайра берди. Теңир Аюбга мурункусунан эки эсе көп берди.

11 Ошондо ага ага-инилери, эже-карындаштары, мурунку тааныштары келишти, анын үйүндө аны менен бирге ичип-жеп, кайгы-капасын бөлүшүп, сооротушту, анткени Теңир анын башына көп азап салган эле. Ар бири ага бирден кесита, бирден алтын шакек берди.

12 Теңир Аюбдун мурунку күндөрүнө караганда, акыркы күндөрүнө аябай батасын берди. Ал он төрт миң майда малдуу, алты миң төөлүү, бир миң жуп өгүздүү, бир миң ургаачы эшектүү болду.

13 Ал жети уулдуу, үч кыздуу болду.

14 Биринчи кызына Эмима, экинчисине Кетсия, үчүнчүсүнө Керенапух деген ат койду.

15 Бүт жер жүзүндө Аюбдун кыздарындай сулуу аялдар болгон жок, атасы аларга бир туугандары менен кошо мурас бөлүп берди.

16 Ошондон кийин Аюб дагы жүз кырк жыл жашады, уулдарын жана уулдарынын уулдарын төртүнчү тукумуна чейин көрдү.

17 Ошентип, Аюб картайып, өмүргө тоюп көз жумду.

# ЗАБУР

##### БИРИНЧИ КИТЕП

## 1-ЗАБУР

###### Чыныгы бакыт

1 Дөөттүн забуру. Кудайсыздардын кеңешмесине барбаган, күнөөкөрлөрдүн жолунда турбаган, бузулгандардын жыйынында отурбаган адам бактылуу.

2 Ал Кудайдын мыйзамынан кубаныч алат, Анын мыйзамы тууралуу күнү-түнү ойлонот.

3 Ошондо ал суу боюна отургузулган, мөмөсүн өз маалында берген, жалбырагы соолубаган дарактай болот. Ал эмне иш кылбасын, бардык ишинде ийгиликке жетишет.

4 Кудайсыздар мындай эмес, алар шамал сапырган топурактай.

5 Ошондуктан кудайсыздар сотто туруштук бере алышпайт, ошондой эле күнөөкөрлөр адилеттүүлөрдүн жыйынында отура алышпайт.

6 Анткени Теңир адилеттүүлөрдүн жолун билет, ал эми кудайсыздар өз жолунда жок болушат.

## 2-ЗАБУР

###### Кудай тандаган падыша

1 Дөөттүн забуру. Элдер эмне үчүн дүрбөлөңгө түшүп жатышат, уруулар эмне үчүн ишке ашпай турган нерсени ойлонуштуруп жатышат?

2 Жер жүзүнүн падышалары каршы чыгып жатышат, төрөлөр чогулуп, Теңирге жана Анын Майланганына каршы кеңешип жатышат.

3 Алар: «Алардын чынжырларын үзүп таштайбыз, алардын бизге салган кишендерин алып ыргытабыз», – деп жатышат.

4 Аларга Асманда Жашоочу күлөт, аларды Теңир уят кылат.

5 Ошондо Ал аларга ачуусу келип турганда айтат, Өзүнүн жаалы менен аларды дүрбөлөңгө түшүрөт.

6 «Анткени Мен Өзүмдүн Падышамды ыйык тоом Сиондун үстүнөн койгом.

7 Өзүмдүн эркимди алдын ала кабарлайм: Теңир Мага мындай деди: “Сен Менин Уулумсуң. Мен бүгүн Сенин атаң болдум.

8 Менден сура, ошондо Мен Сага элдерди мураска берем, бүт жерди энчиңе берем.

9 Сен аларды темир таяк менен талкалайсың, аларды карапачынын идишиндей сындырасың”».

10 Ошондуктан, падышалар, акылыңарга келгиле. Жер жүзүнүн башкаруучулары, сабак алгыла!

11 Теңирге коркунуч менен кызмат кылгыла, титирөө менен кубангыла.

12 Уулун сыйлагыла, болбосо Ал каарданат, бара жаткан жолуңарда өлүп каласыңар, анткени жакында Анын каары кайнайт. Ага таянгандардын баары бактылуу.

## 3-ЗАБУР

###### Кудайга таянуу

1 Дөөттүн өз баласы Абышаломдон качкандагы забуру.

2 Оо Теңир! Душмандарым ушунчалык көбөйүп кетти! Көбү мага каршы чыгып жатат.

3 Мен жөнүндө: «Кудай аны куткарбайт», – деп жатышат.

4 Бирок Сен, Теңир, менин калканымсың, атак-даңкымсың, башымды көтөрө турган Сенсиң.

5 Үн чыгарып, Теңирди чакырам, Ал мени Өзүнүн ыйык тоосунан угат.

6 Жатсам да, уктасам да, турсам да, мени Теңир коргойт.

7 Мага миңдеген элдер бардык тараптан каршы чыгышса да коркпойм.

8 Теңирим, ордуңан тур! Кудайым, мени куткар! Анткени Сен гана менин бардык кас-душманымды бетке урасың, кудайсыздардын тишин талкалайсың.

9 Куткарылуу Теңирден. Сенин батаң Өз элиңдин үстүндө болсун.

## 4-ЗАБУР

###### Кечки сыйынуу

1 Ырчылар тобунун башчысына. Кыл аспаптар менен. Дөөттүн забуру.

2 Мен чакырганда, үнүмдү ук, мени актоочу Кудай! Кысталыштарда Сен мага эркиндик берип тургансың. Мага ырайым кыл, сыйынуумду ук.

3 Адам балдары! Качанга чейин менин даңкым шылдың боло берет? Качанга чейин убаракерчиликти сүйө бересиңер? Качанга чейин жалганды издей бересиңер?

4 Теңир Өзү үчүн Өзүнүн ыйыгын бөлүп койгонун билип койгула. Мен Теңирди чакырганда, Ал мени угат.

5 Ачууланганыңарда күнөө кетирбегиле: төшөктө жатканыңарда ойлонуп сабыр кылгыла.

6 Чындык курмандыгын чалгыла, Теңирге таянгыла.

7 Көп адамдар: «Бизге ким жакшылык кылат?» – дешет. Теңир, бизге Өз жүзүңдүн жарыгын көрсөт.

8 Алардын жээр наны, ичээр шарабы арбыган мезгилден бери, Сен менин жүрөгүмдү кубанычка бөлөдүң.

9 Мен тынч жатып, тынч уктайм, анткени мага коопсуз жашоо берген бир Өзүңсүң, Теңир.

## 5-ЗАБУР

###### Эртең мененки сыйынуу

1 Ырчылар тобунун башчысына. Үйлөмө аспаптар менен. Дөөттүн забуру.

2 Теңир, сөздөрүмдү ук, ойлорумду түшүн.

3 Муң-зарыма кулак сал, Падышам менин, Кудайым менин! Анткени мен Сага сыйынып жатам.

4 Теңирим! Таң заардан үнүмдү ук, алдыңа эрте келип күтүп турам.

5 Анткени Сен мыйзамсыздыкты сүйбөгөн Кудайсың. Жамандык кылган адам Сенин алдыңда тура албайт.

6 Кудайсыздар көз алдыңда тура алышпайт: мыйзамсыз иш кылгандын бардыгын Сен жек көрөсүң.

7 Жалган айткандарды Сен ойрон кыласың. Канкор менен калпычыдан Теңир жийиркенет.

8 Мен болсо Сенин улуу ырайымың менен Сенин үйүңө кирем, Сенин ыйык ийбадатканаңды карап, Сенден коркуу менен таазим кылам.

9 Теңир! Душмандарым үчүн мени чындык жолуңа сал, менин алдымдагы Өзүңдүн жолуңду түздө.

10 Анткени алардын оозунда чындык жок: алардын жүрөгү – бүлгүн, кекиртеги – ачык мүрзө, тилдери менен жасакерленишет.

11 Кудай, аларды жазала, алар өздөрүнүн арам оюнан апат болушсун. Аларды көп
мыйзамсыз иштери үчүн четке как, анткени алар Сага баш ийишкен жок.

12 Сага таянгандардын бардыгы кубанычка бөлөнүп, түбөлүккө шаттанышат, Сен аларды
коргойсуң. Сенин ысымыңды сүйгөндөр Сени менен мактанышат.

13 Анткени Сен, Теңир, адил адамга батаңды бересиң, аны Өзүңдүн ырайымың менен
калкан сымал калкалайсың.

## 6-ЗАБУР

###### Кыйынчылыкта Кудайдан жардам сурап сыйынуу

1 Ырчылар тобунун башчысына. Сегиз кылдуу аспап менен. Дөөттүн забуру.

2 Оо Теңир! Мени ачууланып ашкерелебе, мени каарданып жазалаба.

3 Ырайым кыл, Теңир, анткени мен алсызмын. Айыктыр мени, Теңир, анткени сөөктөрүм
титиреп жатат.

4 Жаным да аябай кыйналып турат. Оо Теңир, мага качан жеңилдик бересиң?

5 Мага назар сал, Теңир, жанымды куткар, мени Өзүңдүн ырайымың боюнча сакта.

6 Анткени өлгөндөр Сени эскербейт. Көрдө ким Сени даңазалайт?

7 Үшкүрө берип, аябай чарчадым. Жаткан жеримди ар түнү көз жашым менен жууйм,
төшөгүмдү көз жашка чылайм.

8 Кайгыдан көздөрүм соолуду, бүт душмандарымдын айынан көздөрүм тунарып калды.

9 Мыйзамсыз иш кылгандар, баарыңар менден оолак болгула, анткени Теңир менин
ыйымды укту.

10 Теңир жалынуумду укту, Теңир сыйынуумду кабыл кылат.

11 Менин бүт душмандарым шылдың болуп, аёосуз кыйратылышсын. Артка качып,
күтүлбөгөн жерден уятка калышсын.

## 7-ЗАБУР

###### Адилеттик кылуусун сурап Кудайга сыйынуу

1 Бенжемин тукумунан чыккан Куштун иши боюнча Дөөттүн Теңир алдында зарлаган
ыры.

2 Теңирим, Кудайым, мен Сага таянам. Мени куугунтукка алгандардан куткар, мени ошолордон сакта.

3 Алар мени куткаруучу жок кезде арстан өңдүү тытып, жанымды сууруп алышпасын.

4 Теңирим, Кудайым! Эгер мен бир жаман иш кылган болсом, колумда жалган иш болсо,

5 эгер мени менен тынч жашаган адамга жамандык кылган болсом (мага эч себепсиз душман болгон адамды да куткаргам),

6 анда мени душман кууп жетип, өмүрүмдү тебелеп, даңкымды күлгө айлантып салсын.

7 Теңир, каарың менен ордуңан тур, душмандарымдын жаалына каршы чык; мен үчүн ойгонуп, Өз өкүмүңдү чыгар, аны Өзүң осуят кылгансың.

8 Сенин тегерегиңе топ эл жыйылат, алардын үстүнөн жогору көтөрүл.

9 Теңир элдерди соттойт. Теңирим, мага чынчылдыгым, күнөөсүздүгүм боюнча өкүм чыгар.

10 Кудайсыздардын кыянаттыктары токтосун, адил адамга болсо күч бер, анткени Сен жүрөктөрдү, ички ойлорду сынайсың, адилеттүү Кудай!

11 Менин калканым – таза жүрөктөрдү куткаруучу Кудай.

12 Кудай – адилеттүү сот, Ал – ар күнү катуу жазалоочу Кудай.

13 Эгерде ким кайрылбаса, Ал кылычын курчутуп, жаасын мээлеп тартат.

14 Ал үчүн өлтүрүүчү куралдарды даярдайт, Өзүнүн жебелерин оттуу кылат.

15 Мына, кудайсыз адам жамандык сээп, куру нерсени багып, жалганды жыйнап алды.

16 Бирөөгө казган оруна өзү түштү.

17 Анын кылган жамандыгы өз башына көрүнөт, анын кылган кыянаттыгы төбөсүнө түшөт.

18 Мен Теңирди чындыгы үчүн даңктайм, бардыгынан жогору турган Теңирдин ысымын мактап ырдайм.

## 8-ЗАБУР

**Кудайдын даңкы жана адамдын баасы**

1 Ырчылар тобунун башчысына. Гиттит күү аспабы менен. Дөөттүн забуру.

2 Теңирибиз, Кудайыбыз! Сенин ысымың жер жүзүндө кандай улуу! Сенин даңкың асмандан да алыс кетти!

3 Душманың менен кек сактоочуңдун оозун жап кылыш үчүн, Өзүңдүн душмандарың үчүн, наристелердин жана эмчектеги балдардын ооздору менен Өзүңө даңктоо жараттың.

4 Мен Сенин колуң жасаган асманыңды, Өзүң коюп койгон ай менен жылдыздарыңды карап туруп:

5 «Сен унутпагыдай, адам ким? Өзүң келип тургудай, адам баласы ким?» – деп ойлойм.

6 Сен аны периштелердин алдында бир аз убакытка эле басынттың. Ага урмат менен атак-даңкты таажы кылып кийгиздиң.

7 Аны Өз колуң менен жасагандарыңдын үстүнө башчы кылып койдуң, бардыгын:

8 койлор менен уйларды, ошондой эле талаадагы жырткычтарды,

9 асмандагы куштарды, деңиздеги балыктарды жана деңиздеги бардык жандыктарды анын бут астына койдуң.

10 Теңир, Кудайыбыз, Сенин ысымың бүт жер жүзүндө кандай улуу!

## 9-ЗАБУР

#### Кудайдын адилеттиги

1 Ырчылар тобунун башчысына. Лабендин өлүмү боюнча. Дөөттүн забуру.

2 Сени, Теңир, бүт жүрөгүм менен даңктайм, Сенин бүт кереметтериңди жарыялайм.

3 Сен жөнүндө ойлоп кубанам, салтанат курам. Кудуреттүү Кудай, ысымыңды даңктап ырдайм.

4 Менин душмандарым артка качканда, мүдүрүлүп жыгылып, Сенин алдыңда өлүшөт.

5 Анткени Сен мага адилеттик кылдың, кыйынчылыктан чыгардың. Адилет Сот, Сен тактыга отурдуң.

6 Бутпарас элдерге каардандың, кудайсыздарды өлтүрдүң, алардын атын түбөлүккө өчүрүп салдың.

7 Душмандын куралы таптакыр калбай калды, алардын шаарларын талкаладың, алардын аты өздөрү менен кошо өчтү.

8 Бирок Теңир Өз тактысына түбөлүк отурат. Сот жүргүзүү үчүн, Ал Өз тагын даярдады.

9 Ал ааламды адилет соттойт, элдерди туура соттойт.

10 Теңир эзилген адамга баш паана, кайгы учурунда таяныч болот.

11 Сенин ысымыңды билгендер Сага таянышат, анткени Сени издегендерди талаага таштабайсың, Теңир.

12 Сион тоосунда жашаган Теңирди мактап ырдагыла, Анын иштерин эл арасында жарыя кылгыла.

13 Анткени Ал төгүлгөн кан үчүн жазалайт, кан төккөндөрдү жазасыз калтырбайт, эзилгендердин ыйын эсинен чыгарбайт.

14 Мага ырайым кыл, Теңир. Жек көргөндөрдөн тарткан азабыма көз сал, мени өлүмдөн сактоочу бир Өзүңсүң.

15 Сени Сион кызынын дарбазаларынын алдында даңазалайм. Мени куткарганыңа кубанам.

16 Мага көр казган эл өз көрүнө өзү түштү. Өздөрү жайган торго өздөрү чалынып калышты.

17 Теңир Өзүнүн жүзөгө ашырган соту менен таанылды, кудайсыз адам өз колу менен кылган кылмышы үчүн кармалды.

18 Кудайсыздар, Кудайды унуткан элдердин баары өлгөндөр жаткан жайга түшүшсүн.

19 Анткени жакыр биротоло унутулбайт, жардынын үмүтү биротоло үзүлбөйт.

20 Теңир, ордуңан тур, адамдар үстөмдүк кылышпасын, бутпарас эл Сенин алдыңда жазалансын.

21 Теңир, аларга коркунуч жибер, элдер өздөрүнүн адам экенин билишсин.

**Адилеттик кылуусун сурап Кудайга сыйынуу**

22 Теңир, эмне үчүн алыс турасың, кайгы учурунда эмне үчүн Өзүңдү жашырасың?

23 Кудайсыз өзүнүн текебердиги менен жардыны куугунтуктап жатат. Алар өздөрүнүн ойлоп чыгарган айла-амалдары менен колго түшүшсүн.

24 Кудайсыз өз кумары менен мактанат. Мансапкор өзүн өзү урматтайт.

25 Кудайсыз өзүнүн менменсингендиги менен Теңирди тоотпой жатат. «Ал жазалабайт», – деп ойлойт. Ал дайыма: «Кудай жок!» – деп ойлойт.

26 Кайсы учурда болбосун, анын жолунда өлүм турат. Ал Сенин мыйзамдарыңдан алыс. Бардык душмандарын ал текебердене карайт.

27 Ал өз ичинен: «Мен эч качан мүдүрүлбөйм, эч качан башыма жамандык келбейт», – дейт.

28 Анын оозу каргышка, бузукулукка, калпка толгон. Анын тилинде кыйноо жана кыйроо бар.

29 Короонун сыртындагы буктурмада отурат, айыпсызды жашыруун жерлерде өлтүрөт, анын көздөрү жардылардын артынан аңдып жүрөт.

30 Үңкүрдө аңдып жаткан арстандай болуп, жашыруун жерде аңдып жатат. Жардыны кармап алыш үчүн, буктурмада отурат. Жардыны торуна түшүрүп кармап алат.

31 Эңкейип жата калат, ошондо жардылар анын курч тырмактарына чалынат.

32 Өз ичинен: «Кудай эсинен чыгарды, Өз жүзүн жаап алды, Ал эч качан көрбөйт», – дейт.

33 Ордуңан тур, Теңирим, Кудайым, колуңду жогору көтөр, эзилгендерди унутпа.

34 Эмне үчүн кудайсыз адам Кудайды тоотпой, өз ичинен: «Ал жазалабайт», – дейт?

35 Өзүң көрүп турасың, анткени Сен Өз колуң менен жазасын бериш үчүн, ыза кылгандар менен куугунтукка алгандарды карап турасың. Жарды өзүн Сага тапшырат. Жетимге Өзүң гана жардам кыласың.

36 Кудайсыз менен зулумдун күчүн талкала, анын мыйзамсыздыгын издеп таппай калышсын.

37 Теңир – түбөлүктүү падыша. Анын жеринен бутпарастар жок болушат.

38 Теңир! Момундардын тилеген тилегин угасың. Алардын жүрөгүн бекемде, аларга кулак сал.

39 Жетим менен эзилгенге болуш, мындан ары жер жүзүндө адам баласы зулумдук кылбасын.

## 10-ЗАБУР

###### Теңирге таянуу

1 Ырчылар тобунун башчысына. Дөөттүн забуру. Теңирге таянам. Мага: «Куштай болуп тооңо учуп кет», – деп, кантип айтып жатасыңар?

2 Анткени, мына, кудайсыздар караңгыда таза жүрөктөрдү атыш үчүн, жаа чоюп жатышат, жебени жаанын жибине салып жатышат.

3 Пайдубалы бузулган соң, адил адам эмне кыла алат?

4 Теңир Өзүнүн ыйык ийбадатканасында, Теңир асмандагы тактысында. Анын көздөрү адам баласын көрүп турат, каректери аларды сынап турат.

5 Теңир адил адамды сындан өткөрөт, ал эми кудайсызды жана зордук-зомбулукту жакшы көргөндү Анын жаны жек көрөт.

6 Ал кудайсыздарга күйүп турган чокту, отту, күкүрттү жамгырдай жаадырат. Күйгүзгөн ысык шамал – алардын чөйчөктөгү үлүшү.

7 Анткени Теңир адилеттүү, Ал чындыкты сүйөт. Анын жүзү адил адамды көрүп турат.

## 11-ЗАБУР

##### Кудайдан жардам сурап сыйынуу

1 Ырчылар тобунун башчысына. Сегиз кылдуу аспап менен. Дөөттүн забуру.

2 Теңир, куткар, анткени адил адамдар калбай калды, адам баласынын арасында ишенимдүүлөр жок.

3 Ар ким өз жакынына жалган айтууда. Жүрөктөрүнүн анткорлугунан кошомат кылып сүйлөшөт.

4 Теңир текебердене сүйлөгөндөрдү, кооздоп сүйлөгөндөрдү кырып жок кылат.

5 «Биз тилибиз менен жеңебиз, оозубуз өзүбүздүкү, эмне айтсак, өзүбүз билебиз, бизге ким кожоюн экен?» дегендерди Теңир жок кылат.

6 «Кедейлерди талап-тоноп жатышкандыктан, жакырлар онтоп жатышкандыктан, азыр ордуман турам да, мыйзамсыз тарабынан кысымга алынып жаткан адамга жардам берем», – дейт Теңир.

7 Теңирдин сөздөрү – таза сөздөр, топурактан тазаланып, меште жети жолу эритилген күмүш.

8 Теңир, Сен аларды сактайсың, аларды ушундай адамдардан түбөлүккө коргойсуң.

9 Адамдардын начары жогору көтөрүлгөндө, бардык жерде кудайсыздар көбөйөт.

## 12-ЗАБУР

##### Кудайдын ырайымына таянуу

1 Ырчылар тобунун башчысына. Дөөттүн забуру.

2 Теңир, качанга чейин мени көз жаздымыңда калтыра бересиң? Качанга чейин менден жүзүңдү жашыра бересиң?

3 Качанга чейин мен өз жаным менен өзүм кеңешем, күнү-түнү кайгырып азап тартам? Качанга чейин душманым мага үстөмдүк кылат?

4 Назарыңды сал, мени ук, Теңирим, Кудайым! Көзүмдү ач, түбөлүк уйкуга кетпейин.

5 Душманым: «Аны жеңдим», – дебесин. Мүдүрүлүп кетсем, куугунтукка алгандар сүйүнбөсүн.

6 Мен болсо Өзүңдүн ырайымыңа таянам. Жүрөгүм Сенин куткарууңа кубанат. Мага ырайым кылган Теңирди мактап ырдайм.

**13-ЗАБУР**

**Мыйзамсыздардын акылсыздыгы жана кылган иштери**

1 Ырчылар тобунун башчысына. Дөөттүн забуру. Акылсыз адам жүрөгүндө: «Кудай жок», – дейт. Алар бузулуп, жийиркеничтүү иштерди жасашты. Жакшылык кылган бир да адам жок.

2 Акылдуу, Кудайды издеген адам бар бекен деп, Теңир асмандан адам баласын карады.

3 Бардыгы жолдон чыгып, бардыгы бирдей жараксыз болуп калышты. Жакшылык кылган адам жок, бирөө да жок.

4 Мыйзамсыз иш кылгандар, менин элимди нандай жегендер, Теңирди чакырбагандар, чын эле, акылына келишпейби?

5 Ал жерде аларды коркунуч басат, анткени Кудай адил адамдар менен.

6 Жакырдын: «Теңир менин коргоочум», – деп ойлогонуна силер күлгөн элеңер.

7 Сион тоосунан Ысрайылга куткаруу келсин! Теңир Өз элин туткундан өз жерине кайра алып келгенде, Жакып кубанат, Ысрайыл шаттанат.

**14-ЗАБУР**

**Кудайдын алдында турууга ким татыктуу**

1 Дөөттүн забуру. Теңир! Ким Сенин турагыңда жашай алат? Ким Сенин ыйык тооңдо тура алат?

2 Күнөөсүз жашаган, адилеттик кылган, жүрөгүндө чындыкты сүйлөгөн,

3 ушак айтпаган, жакынына кыянаттык кылбаган, өз жакынын жамандаганды укпаган,

4 Кудайдан баш тартканды жек көргөн, ал эми Кудайдан корккондорду сыйлаган, зыян тартып каларына карабай, берген антынан танбаган,

5 күмүшүн үстөккө бербеген, айыпсызга каршы пара жебеген адам гана жашай алат. Ушундай адам гана эч качан мүдүрүлбөйт.

## 15-ЗАБУР

###### Машайак жөнүндө пайгамбарчылык

1 Дөөттүн ыры. Кудай, мени сактай көр, анткени Өзүңө таянам.

2 Мен Теңирге мындай дедим: «Сен менин Теңиримсиң. Сага менин тартууларымдын кереги жок.

3 Мен Сенин жер үстүндөгү ыйыктарыңа, атактууларыңа тартылам».

4 Бөлөк кудайга кайрылгандардын кайгысы көбөйсүн. Мен алардын кандуу курмандыктарын чалбайм, алардын ысымдарын оозума албайм.

5 Теңир менин үлүшүм, менин мурасым. Тагдырым Сенин колуңда.

6 Мага жакшы үлүш тийди, мурасым өзүмө жагат.

7 Мага кеңеш берген Теңиримди даңктайм. Атүгүл, түнкүсүн да жүрөгүм мага акыл үйрөтүп турат.

8 Теңирди мен өзүмдүн алдымдан ар дайым көрүп турдум, Ал менин оң жагымда, мен олку-солку болбойм.

9 Ошондуктан жүрөгүм кубанычка толуп, тилим шаттуу сүйлөп жатат. Атүгүл, денем да тынч алды.

10 Анткени Сен менин жанымды өлгөндөр жаткан жайда калтырбайсың, Өз ыйыгыңдын чирүүсүнө жол бербейсиң.

11 Сен мага өмүр жолун көрсөтөсүң. Сенин алдыңда – толук кубаныч, оң колуңда – түбөлүк жыргал.

## 16-ЗАБУР

###### Теңирге таянуу

1 Дөөттүн сыйынуусу. Теңир, чындыкты ук да, зар-муңума кулак сал, калп айтпагандын оозунан чыккан жалынууга кулак төшө.

2 Мага өкүмдү Сен чыгар, Сенин көздөрүң чындыкты көрсө экен.

3 Сен менин жүрөгүмдү сынадың, мага түн ичинде келдиң, мени сынадың, бирок эч нерсе тапкан жоксуң. Оозум ойлорумдан четтеген жок.

4 Бардык иш-аракетте Сенин сөзүң боюнча өзүмдү сактап, эзүүчүнүн жолун жолдогон жокмун.

5 Менин кадамдарымды Өз жолдоруңда бекемде, буттарым оңго да, солго да бурулбасын.

6 Мен Сени чакырып жатам, анткени Сен мени угасың, Кудайым. Мага кулак сал, сөзүмдү ук.

7 Өзүңө таянгандарды Өзүңдүн оң колуңа каршы чыккандардан куткарган Кудай, Өзүңдүн кереметтүү ырайымыңды көрсөт.

8 Мени көзүңдүн карегиндей сактай көр, канатыңдын астына калкалай көр.

9 Мага кол салган кудайсыздардан, курчаган кас душмандарымдан калкала.

10 Алардын жүрөгүн май басты, тилдери менен менменсинип сүйлөшөт.

11 Азыр алар бизди кадам сайын курчашат; жерге кулатыш үчүн, алар бизден көзүн албайт.

12 Алар жем издеген арстанга, жашыруун буктурмада отурган жырткычка окшош.

13 Теңир, ордуңан тур, аларды тый, кыйрат, жанымды кудайсыздан Өз кылычың менен куткар.

14 Теңир, мени бул адамдардан – бул дүйнөдө гана үлүшү бар, курсагын Сенин казыналарыңдан тойгузуп жүргөн бул дүйнөнүн адамдарынан Өз колуң менен куткара көр. Алардын уулдары ток, артканын өз балдарына калтырышат.

15 Ал эми мен адилдигим менен Сенин жүзүңдү карайм. Ойгонгондо, Сенин бейнеңди көрүп, көзүм тоёт.

## 17-ЗАБУР

###### Дөөттүн ыры

1 Ырчылар тобунун башчысына. Теңир бардык душмандардын жана Шабулдун колунан куткарып алганда, Теңирдин кулу Дөөттүн Теңирге ырдаган ыры. Ошондо ал мындай деди:

2 «Сени сүйөм, Теңирим, күч-кубатым менин!

3 Теңир менин тирегим, баш паанам, куткаруучум; Кудайым менин аска-зоом. Мен Ага гана таянам. Ал менин калканым, куткаруучу мүйүзүм, таянычым».

4 Табынууга татыктуу Теңирдин атын чакырып, душмандарымдан кутулам.

5 Мени өлүм азаптары курчап алды, кыйынчылыктардын агымы үрөйүмдү учурду.

6 Мага өлгөндөр жаткан жайдын чынжырлары салынды, өлүмдүн торуна чалындым.

7 Мен кысталышта калганда, Теңиримди чакырдым, Кудайыма жалындым. Ал Өз
турагынан менин үнүмдү укту, зар-муңум Анын кулагына жетти.

8 Жер силкинип термелди, тоолордун негиздери ордунан козголду, анткени Кудай
каарданды.

9 Анын каарынан түтүн көтөрүлүп, оозунан баарын жалмай турган от чыкты, Андан күйүп
жаткан чоктор чачырап жатты.

10 Асманды эңкейтип, Ал жерге түштү, Анын бут астында караңгылык жатты.

11 Ал керуптардын үстүнө отуруп, шамалдын канатында учуп жөнөдү.

12 Караңгылыкты Өзүнө жабуу кылды, асмандагы булуттарды, кара булуттарды Өзүнүн
тегерегине чатыр кылды.

13 Анын алдындагы жарыктан Анын булуттары, мөндүр, кызыл чоктор качты.

14 Асманда Теңир күркүрөдү, Бардыгынан Жогору Турган үн салды, мөндүр жана
жалындаган чок жаады.

15 Өзүнүн жебелерин тартып, аларды туш-тушка чачыратты; көп чагылган жиберип,
аларды туш-тушка качырды.

16 Теңирим, Сенин каардуу үнүңдөн, Сенин каарыңдын илебинен суу башаттары,
ааламдын негизи ачылды.

17 Ал асмандан колун сунуп, мени алды, мени чоң суулардан тартып чыгарды.

18 Мени күчтүү душманымдан, менден күчтүү болгон жек көрүүчүлөрдөн куткарды.

19 Алар мага башыма мүшкүл түшкөн күнү каршы чыгышты. Бирок Теңир мага жөлөк
болду.

20 Ал мени кең жерге алып чыкты, мени куткарды, анткени Ал мени жакшы көрөт.

21 Теңир менин адилдигиме жараша, колумдун тазалагына жараша тиешемди берди.

22 Анткени мен Теңирдин жолун сактадым, Кудайымдан четтеген эмесмин.

23 Анткени Анын бардык мыйзамдары менин алдымда, Анын көрсөтмөлөрүнөн четтеген жокмун.

24 Мен Кудай алдында таза элем, күнөө кылып албайын деп сактанчумун.

25 Теңир Өзүнүн көз алдындагы адилдигиме жараша, колумдун тазалыгына жараша тиешемди берди.

26 Боорукерге Сен боорукердик кыласың, адил адамга адилет мамиле кыласың.

27 Тазаларга тазалыгына жараша мамиле кыласың, алдамчыга алдамчылыгына жараша мамиле кыласың.

28 Анткени Сен эзилген адамдарды куткарасың, ал эми менменсинип карагандарды кемсинтесиң.

29 Теңир, Сен менин шамымды күйгүзөсүң. Кудайым караңгымды жарык кылат.

30 Мен Сени менен аскерлерди талкалайм, Кудайым менен чепти ашып түшөм.

31 Кудай! Анын жолу таза, Теңирдин сөзү таза. Ал – Өзүнө таянгандардын баарына калкан.

32 Теңирден башка Кудай барбы? Биздин Кудайдан башка Сактоочу барбы?

33 Кудай мага күч берет, мага түз жол салат.

34 Буттарымды бугунун буттарындай кылат, мени бийик жерлериме чыгарат.

35 Колумду согушка даярдайт, ошон үчүн колдорум жез жааны сындырат.

36 Сен мага куткаруучу калканыңды бердиң, Сенин оң колуң мени колдоп турат, Сенин ырайымың мени жогору көтөрөт.

37 Сен менин баса турган жолумду кеңейтесиң, ошондо тизелерим титиребейт.

38 Душмандарымды кууп жетип, аларды жок кылмайынча, артка кайтпайм.

39 Аларды талкалайм, алар тура албай калышат, менин бут алдыма жыгылышат.

40 Анткени Сен мага согушканга күч бердиң, мага каршы көтөрүлгөндөрдү бут алдыма жыгып бердиң.

41 Душмандарымды менин көз алдымда артка чегинттиң. Мени жек көргөндөрдү кыйратып жатам.

42 Алар боздоп жатышат, бирок алардын куткарары жок. Теңирге жалынып жатышат, бирок Ал аларды укпайт.

43 Аларды топурактай сапырып, көчөдөгү балчыктай тебеледим.

44 Сен мени эл козголоңунан куткарып алып, бөтөн элдерге эл башчы кылдың. Өзүм таанибаган эл мага кызмат кылып жатат.

45 Алар мен жөнүндө угуп эле, мага баш ийишет. Бөтөн элдер менин алдымда жасакерленишет.

46 Бөтөн элдер кумсарып, өздөрүнүн сепилдеринде титиреп отурушат.

47 Теңир тирүү, менин тирегим даңкталсын! Мени куткарган Кудай даңазалансын!

48 Мен үчүн өч алган, бөтөн элдерди багындырып берген Кудай,

49 мени душмандарымдан куткарган Кудай даңкталсын! Мага каршы чыккандардын алдында Сен мени жогору көтөрдүң, мени катаал кишиден куткардың.

50 Ошон үчүн, Теңир, Сени даңктайм, бөтөн элдердин арасында Сенин ысымыңды даңктап ырдайм.

51 Падышаны улуу жеңиш менен куткарган, Өзүң майлаган Дөөткө жана анын укум-тукумуна түбөлүккө ырайым кылган Сени даңктап ырдайм.

## 18-ЗАБУР

**Кудайдын даңкы**

1 Ырчылар тобунун башчысына. Дөөттүн забуру.

2 Асман Кудайдын даңкын жар салып жатат, аалам Анын колдору жасаган иштерди кабарлап жатат.

3 Күн күнгө сүйлөп, түн түнгө билим берет.

4 Алардын үнүн укпаган бир да эл, бир да улут жок.

5 Алардын үнү бүт жер жүзүн аралап өтөт, алардын сөзү аалам чегине жетет. Кудай алардын арасында күнгө турак жай тургузуп берди.

6 Ал нике үйүнөн чыккан күйөөдөй болуп чыгат; өз жолун басып өткөн күлүктөй кубанат.

7 Асмандын бир четинен чыгып, экинчи четине барат; анын жылуулугунан эч нерсе жашырынып кала албайт.

8 Кудайдын мыйзамы жеткилең, ал жанга күч берет. Теңирдин сөздөрү туура, ал жөнөкөйлөрдү акылдуу кылат.

9 Теңирдин буйруктары адилет, жүрөктү кубантат. Теңирдин осуяттары жарык, көздү ачат.

10 Теңирден коркуу – таза нерсе, ал түбөлүктүү. Теңирдин өкүмдөрү адилет, бардыгы туура.

11 Алар алтындан да, көп таза алтындан да баалуу; балдан да, эң таттуу балдын тамчысынан да ширин.

12 Өз кулуңду ошолор сактап жүрөт. Аларды сактагандарга чоң сыйлык!

13 Ким өзүнүн күнөөлөрүн көрө алат? Мени жашыруун күнөөлөрүмдөн арылт.

14 Өз кулуңду атайлап күнөө кылуудан сакта, алар мага үстөмдүк кылышпасын. Ошондо мен күнөөсүз болом, көп кылмыштардан алыс болом.

15 Оозумдан чыккан сөздөрүм менен жүрөгүмдөгү ойлорум Сага жага тургандай болсун, Теңирим, менин тирегим, Куткаруучум!

## 19-ЗАБУР

###### Кудайдан бата сурап сыйынуу

1 Ырчылар тобунун башчысына. Дөөттүн забуру.

2 Сен кайгырган күнү Теңир үнүңдү уксун, сени Жакыптын Кудайынын ысымы сактасын.

3 Ал сага ыйык жайдан жардам, Сиондон күч-кубат жөнөтсүн.

4 Чалган курмандыктарыңдын баарын эске алсын, бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыгыңды майлуу курмандык катары кабыл алсын.

5 Сага жүрөгүң каалаганды берсин, бүт тилегиңди аткарсын.

6 Биз сенин куткарылганыңа кубанабыз, биздин Кудайыбыздын атынан туу көтөрөбүз. Теңир сенин сураганыңдын баарын берсин.

7 Теңир Өзүнүн майланганын сактарын, Ага Өзүнүн ыйык асманынан Өзүнүн оң колунун куткаруучу күчү менен жооп берерин билдим.

8 Бири майдан арабалары менен, бири күлүк аттары менен мактанат, биз болсо Теңирдин, Кудайыбыздын ысымы менен мактанабыз.

9 Алар мүдүрүлүп жыгылышты, биз болсо турдук, бекем турабыз.

10 Теңир! Падышаны сакта, Өзүңдү чакырганда, үнүбүздү уга көр.

## 20-ЗАБУР

###### Куткаргандыгы үчүн Кудайды даңктоо

1 Ырчылар тобунун башчысына. Дөөттүн забуру.

2 Теңир, падыша Сенин күчүң менен шаттанат, Сенин куткарганыңа чексиз кубанат.

3 Сен ага жүрөгү каалаганды бердиң, анын оозунан чыккан өтүнүчтү четке каккан жоксуң.

4 Анткени Сен ага ырайымың менен батаңды бердиң, башына таза алтындан таажы кийгиздиң.

5 Ал Сенден өмүр сурады, Сен ага узун өмүр бердиң.

6 Сен аны куткаргандыктан, ал даңкка бөлөндү. Урмат менен улуулукту Сен ага таажы кылып кийгиздиң.

7 Сен ага түбөлүк батаңды берип, Өзүңдүн кубанычың менен анын көңүлүн көтөрдүң.

8 Анткени падыша Теңирге таянат, ал Бардыгынан Жогору Тургандын ырайымы менен бекем турат.

9 Сенин колуң бардык душмандарыңды талкалайт, оң колуң Сени жек көргөндөрдү кыйратат.

10 Каарың кайнаганда, Сен аларды күйүп жаткан мештей кыласың. Теңир каарданганда, аларды кыйратат, аларды от өрттөп кетет.

11 Сен алардын тукумун жер бетинен, уругун адам баласынын арасынан жок кыласың.

12 Анткени алар Сага жамандык кылабыз деп чечим чыгарышты, бирок ишке ашыра алышкан жок.

13 Сен аларды бута кылып коёсуң, Өзүңдүн жааңдын жебелери менен аларды бетке атасың.

14 Теңир, Өзүңдүн күчүң менен көкөлө! Биз Сенин кудуретиңди даңктап ырдайбыз.

## 21-ЗАБУР

###### Машайактын азап чегүүсү жана даңкы жөнүндө пайгамбарчылык

1 Ырчылар тобунун башчысына. Таң атарда ырдоо үчүн. Дөөттүн забуру.

2 Кудайым! Кудайым! Сен мени эмнеге таштап койдуң? Менин куткаруу сурап боздогон үнүм Сага жетпей жатат.

3 Кудайым! Күндүз жалынсам да, Сенден мага жооп жок, түндө жалынсам да тынчтана албайм.

4 Бирок Сен, Ыйык, Ысрайылдын даңктоо ырларынын арасында жашайсың.

5 Биздин ата-бабаларыбыз Сага таянышкан, алар Сага таянышкандыктан, Сен аларды куткарып тургансың.

6 Алар Сени чакырышкан, ошон үчүн куткарылышкан. Алар Сага таянышкан, ошон үчүн уятка калышкан эмес.

7 Мен болсо адам эмес эле, курт болуп калдым. Адамдарга шылдың, элдерге жек көрүндү болдум.

8 Мени карап тургандар баштарын чайкап, мындай деп шылдыңдап жатышат:

9 «Ал Теңирге таянчу, Теңир аны куткарып алсын. Эгер ал Теңирге жакса, анда аны куткарып алсын».

10 Бирок Сен мени энемдин курсагынан чыгаргансың, эмчектеги кезимде эле Өзүңө таянууну үйрөткөнсүң.

11 Энемдин ичинде жаткандан тартып эле, Сага тапшырылганмын, энемдин ичинен чыкканда эле, Сен менин Кудайым болчусуң.

12 Менден алыстаба, анткени кайгы жакын, анткени жардам берүүчү жок.

13 Көп букалар мени тегеректеп алышты, Башандын семиз өгүздөрү мени курчап алышты.

14 Алар мага олжосуна жулунуп айкырган арстандай ооздорун ачышты.

15 Мен суудай төгүлдүм, сөөктөрүм чачырап кетти, жүрөгүм момдой эриди.

16 Күч-кубатым карападай кургады, тилим таңдайыма жабышты, Сен мени өлүм топурагына түшүрдүң.

17 Анткени мени дөбөттөр курчап алышты, эки жүздүүлөрдүн тобу мени тегеректеп алышты, колу-бутумду тешишти.

18 Менин бардык сөөктөрүм саналгыдай. Алар болсо мени карап, тамаша кылып жатышат.

19 Чапанымды өз ара бөлүп алып жатышат, кийимим үчүн өкчөмө таш ыргытып жатышат.

20 Бирок, Теңирим, Сен менден алыстаба. Менин күч-кубатым, мага жардам бергенге шашыл.

21 Жанымды кылычтан, өмүрүмдү дөбөттөрдөн сактап кал.

22 Мени арстандын оозунан куткар, Сен мени уктуң. Буйволдун мүйүзүнөн куткар.

23 Сенин ысымыңды бир туугандарыма айтып даңктаймын, элдин арасында бир Өзүңдү мактаймын.

24 Кудайдан корккондор! Аны мактагыла. Жакыптын бүт тукуму! Аны даңкта! Ысрайылдын бүт тукуму Анын алдында коркуп турсун!

25 Анткени Ал азап тарткандын кайгысына назар салбай койгон жок, аны эсине албай койгон жок. Андан Өз жүзүн жашырган жок, ал Аны чакырганда, аны укту.

26 Чоң жыйында Сени даңктайм. Сенден корккондордун алдында Сага берген убадаларымды аткарам.

27 Жардылар жесин, тойсун. Теңирди издегендер Аны даңкташсын, жүрөгүңөр түбөлүк жашасын!

28 Теңирди эстеп, бүт жер жүзү Ага кайрылат. Бардык бутпарас элдер Сага таазим кылышат.

29 Анткени падышачылык Теңирдики. Ал – бардык элдердин Эгедери.

30 Жер жүзүндөгү бардык атактуу адамдар тойлошот жана табынышат. Топуракка айлана тургандар, өз өмүрүн сактап кала албай тургандар Ага таазим этишет.

31 Менин тукумум Ага кызмат кылат жана түбөлүккө Теңирдики деп аталат.

32 Алар келип, Теңирдин адилеттигин, иштерин кийинки муунга жарыялашат.

## 22-ЗАБУР

###### Теңир менин Кайтаруучум

1 Дөөттүн забуру. Теңир менин Кайтаруучум. Мен эч нерсеге муктаж болбойм.

2 Ал мени оттуу жайытка жаят жана жай аккан суу боюна алып барат.

3 Өз ысымы үчүн жаныма күч берип, чындык жолуна салат.

4 Өлүм көлөкөсүнүн өрөөнүндө жүрсөм да, жамандыктан коркпойм, анткени Сен мени менენсиң. Сенин бийлик таягың менен койчу таягың жанымды тынчтандырат.

5 Сен мага душмандарымдын көз алдында дасторкон жайдың, башымды зайтун майы менен майладың. Чөйчөгүм ашып-ташып төгүлүп турат.

6 Береке менен ырайым мени өмүрүмдүн аягына чейин коштоп жүрсүн, ошондо мен Теңирдин үйүндө түбөлүк болом.

## 23-ЗАБУР

###### Улуу Падыша

1 Дөөттүн забуру. Жер жана анда болгон бардык нерселер, аалам жана анда жашагандардын бардыгы Теңирдики.

2 Анткени Ал жерди деңиздердин үстүнө негиздеп, дарыялардын үстүнө орноткон.

3 Ким Теңирдин тоосуна чыга алат? Же ким Анын ыйык жеринде тура алат?

4-5 Колу жамандыкка барбаган, жүрөгү таза, жанын жеп карганбаган, жалган ант бербеген адам гана Теңирдин батасын алат, Куткаруучу Кудайынын ырайымын көрөт.

6 Сени издегендер, Сенин жүзүңдү издегендер ушундай, Жакыптын Кудайы!

7 Дарбазалар, баш капкаңарды көтөргүлө, түбөлүк эшиктер, каалгаңарды ачкыла, даңк Падышасы кирсин!

8 Ал даңк Падышасы ким? Ал – кудуреттүү, күчтүү Кудай, майданда күчтүү Теңир.

9 Дарбазалар, баш капкаңарды көтөргүлө, түбөлүк эшиктер, каалгаңарды ачкыла, даңк Падышасы кирсин!

10 Ал даңк Падышасы ким? Ал – Теңир Себайот, даңк Падышасы.

## 24-ЗАБУР

###### Жетектөөсүн жана коргоосун сурап Кудайга сыйынуу

1 Дөөттүн забуру. Теңир, жанымды Сенин алдыңа алып келем.

2 Кудайым! Сага таянам, уятка калбайын, душмандарым мага үстөмдүк кылышпасын.

3 Сенден үмүттөнгөндөрдүн баары уятка калышпасын. Мага себепсиз жамандык кылгандар уятка калышсын.

4 Теңир, мага Өз жолуңду көрсөт, Өз жолуңда жүргөндү үйрөт.

5 Мени Өз чындыгыңа багытта, үйрөт, анткени Сен мени куткарган Кудайсың. Ар күнү Сенден үмүттөнөм.

6 Теңир, кең пейилдигиңди, кайрымдуулугуңду эсте, анткени алар түбөлүктүү.

7 Менин жаш кезде кылган күнөөлөрүм менен кылмыштарымды эстебе. Мени Өзүңдүн
кең пейилдигиң, ырайымдуулугуң боюнча эсте, Теңир!

8 Теңир кең пейил, адилет, ошондуктан Ал күнөөкөрлөрдү түз жолго салат.

9 Момундарды чындыкка бурат, момундарга Өз жолунда жүргөндү үйрөтөт.

10 Теңирдин бардык жолдору – Анын келишими менен мыйзамын сактагандар үчүн
ырайым жана чындык.

11 Өз ысымың үчүн, Теңир, күнөөмдү кечир, анткени менин күнөөм чоң.

12 Теңир Өзүнөн корккон адамга кайсы жолду тандап алууну көрсөтөт.

13 Ал жыргал турмушта жашайт, тукуму жерди мурастап алат.

14 Теңирдин жашыруун сыры – Кудайдан корккондорго, Ал Өзүнүн келишимин ошолорго
жарыялайт.

15 Менин көздөрүм дайыма Теңирде, анткени Ал буттарымды тордон чыгарат.

16 Мага назар салып, ырайым кыл, анткени мен жалгызмын, кыйналдым.

17 Жүрөгүмдөгү кайгы көбөйдү, мени кыйынчылыктан куткар.

18 Азап тартып кыйналып жатканыма көңүл бур, бардык күнөөмдү кечире көр.

19 Менин душмандарымды кара, алар канчалык көп, алар мени ушунчалык жек көрүшөт.

20 Жанымды сакта, мени куткар, мен Сага таянгандыктан, эч уятка калбайм.

21 Актыгым менен адилеттигим мени сактап келет, анткени мен Өзүңө таянам.

22 Кудайым, Ысрайылды бардык кайгысынан куткар.

## 25-ЗАБУР

###### Коргоосун сурап Кудайга сыйынуу

1 Дөөттүн забуру. Оо Теңир, мага калыстык кыл, анткени мен айыпсызмын. Сага таянам,
солк этпейм.

2 Мени текшерип көр, сынап көр, Теңир. Менин ички дүйнөмдү, жүрөгүмдү эрит.

3 Анткени Сенин ырайымың менин көз алдымда, ошондуктан мен Сенин чындыгың боюнча жүрдүм.

4 Жалганчы адамдар менен бирге отурган жокмун, эки жүздүүлөр менен бирге жүргөн жокмун.

5 Кара ниет адамдардын тобун жек көрөм, кудайсыздар менен бирге отурбайм.

6 Мен өзүмдүн айыпсыздыгым менен колдорумду жууйм, Сенин курмандык чалынуучу жайыңды айланып өтүп,

7 Сени даңктайм, Теңирим. Сенин кереметтүү иштериңди жарыя кылам.

8 Теңирим! Мен Сенин үйүңдү жана Сенин даңкың турган жерди сүйөм.

9 Менин жанымды күнөөкөрлөр менен бирге, өмүрүмдү кан ичкичтер менен бирге кыйратпа.

10 Алардын колдорунда кыянаттык, алардын оң колу парага толгон.

11 Мен болсо айыпсызмын, мени куткар, мага ырайым кыл.

12 Менин бутум түз жолдо турат. Жыйындарда Теңирди даңктайм.

## 26-ЗАБУР

**Дөөттүн таянуусу**

1 Дөөттүн забуру. Теңир менин жарыгым, менин куткаруучум: кимден коркмок элем? Теңир – менин өмүрүмдүн тиреги: кимден үрөйүм учмак эле?

2 Эгерде кара ниет адамдар, жоолорум, кас душмандарым менин этимди тытып жеш үчүн, мага кол сала турган болсо, анда алар өздөрү чалынып жыгылышат.

3 Мага кошуун каршы чыкса да, менин жүрөгүм коркпойт. Мага каршы согуш чыкса да, Кудайга таянам.

4 Теңирден мен бир гана нерсени сурадым, ошону гана издеп келем: өмүр бою Теңирдин үйүндө болгум келет, Теңирдин сулуулугун көргүм келет, Анын ийбадатканасына барып тургум келет.

5 Анткени башыма мүшкүл түшкөн күнү Ал мени чатырына жашырат, Өзүнүн турагынын жашыруун жерине жашырып коёт, мени аскага чыгарып жиберет.

6 Ошондо менин башым мени курчаган душмандардан жогору көтөрүлөт, мен Анын жыйын чатырына даңктоо курмандыгын алып келем, Теңирди даңазалап ырдайм.

7 Теңир, Сени чакырган үнүмдү ук. Мага ырайым кыл, кулак сал.

8 Жүрөгүм Сенин атыңдан: «Менин жүзүмдү издегиле», – деп жатат. Ошондуктан Сенин жүзүңдү издейм, Теңир.

9 Менден жүзүңдү жашырба, ачууланып, кулуңдан баш тартпа. Менин жардам берүүчүм элең, мени четке какпа, мени таштаба, Кудайым, менин Куткаруучум!

10 Анткени мени атам да, энем да таштап кетти, бирок Теңир мени кабыл алат.

11 Теңир, мага Өзүңдүн жолуңда жүргөндү үйрөт, душмандарым үчүн мени чындык жолуна сал.

12 Мени душмандарымдын колуна салып бербе, анткени мага жалган күбөлөр каршы чыгып, жек көрүп жатышат.

13 Бирок мен Теңирдин кең пейилдигин тирүүлөрдүн жеринде көрөрүмө ишенем.

14 Теңирден үмүттөн, кайраттуу бол, жүрөгүң бекем болсун, Теңирден үмүттөн.

## 27-ЗАБУР

###### Кудайдан жардам сурап сыйынуу

1 Дөөттүн забуру. Сага кайрылып жатам, Теңир, менин тирегим! Мага жооп бербей койбо, эгерде Сен унчукпай койсоң, анда мен көргө түшкөн адамдай болуп калам.

2 Мен Сени чакырганда, Сенин ыйык ийбадатканаңа колумду сунганда, жалынган үнүмдү уга көр.

3 Мени кудайсыздар менен, адилетсиз иш кылгандар менен кошо өлтүрбө, алар жакындары менен жакшы эле сүйлөшүшөт, бирок жүрөктөрүндө жамандык.

4 Аларга өздөрүнүн кылган иштерине жараша, жаман иштерине жараша бер. Аларга колдору менен кылган иштерине жараша бер, аларга өздөрүнүн тиешесин бер.

5 Алар Теңирдин иш-аракетине, Анын колдору кылган иштерге көңүл бурушпагандыктан, Ал аларды талкалайт, кайра тургузбайт.

6 Теңирге даңк, анткени Ал менин жалынган үнүмдү укту!

7 Теңир менин күчүм, коргоочу чебим. Менин жүрөгүм Ага таянгандыктан, Ал мага жардам берди, ошондо жүрөгүм кубанычка толду. Мен Аны ырым менен даңктайм.

8 Теңир – Өз элинин күчү, Өзүнүн майланганынын куткара турган Коргоочусу.

9 Өз элиңди куткар, Өз мурасыңа батаңды бер. Аларды кайтар, кылымдан кылымга жогору көтөр.

## 28-ЗАБУР

###### Теңирди даңктоого чакыруу

1 Дөөттүн забуру. Кудайдын уулдары, Теңирди даңазалагыла, Аны даңктагыла, Ага урмат көрсөткүлө.

2 Теңирдин атын даңктагыла. Теңирге Анын даңкынын улуулугу үчүн таазим кылгыла.

3 Теңирдин үнү суулар үстүндө. Даңктуу Кудай күркүрөдү, Теңир көп суулардын үстүндө.

4 Теңирдин үнү күчтүү, Теңирдин үнү улуу.

5 Теңирдин үнү кедр жыгачтарын талкалап жатат, Теңир Лебанон кедрлерин кыйратып жатат.

6 Теңир аларды букачардай секиртүүдө, ал эми Лебанон менен Сирион тоолорун жаш өгүздөй секиртүүдө.

7 Теңирдин үнү чагылганды чагып чыгарып жатат.

8 Теңирдин үнү чөлдү титиретип жатат. Теңир Кадеш чөлүн титиретип жатат.

9 Теңирдин үнү жейрендерди боюнан бошотуп, токойлорду жылаңачтап жатат. Анын ийбадатканасында бардыгы Анын атак-даңкын даңазалап жатат.

10 Теңир топон суунун үстүндө, Өз тактысында отурду, Теңир түбөлүк падыша болуп тактыга отурат.

11 Теңир Өз элине күч берет. Теңир Өз элине тынчтык берип, батасын берет.

## 29-ЗАБУР

###### Өмүрүн сактап калгандыгы үчүн Кудайды даңктоо

1 Дөөттүн забуру. Үйдү ыйыктап жаткандагы ыр.

2 Мени тургузганың үчүн, душмандарымдын мага үстөмдүк кылуусуна жол бербегендигиң үчүн, Сени даңазалайм, Теңирим.

3 Теңирим, Кудайым! Өзүңдү чакырганымда, мени айыктырдың.

4 Теңирим! Сен жанымды өлгөндөр жаткан жайдан алып чыктың, көргө кирбешим үчүн, мени тирилттиң.

5 Теңирдин ыйыктары, Ага арнап ырдагыла, Анын ыйык ысымын даңктагыла.

6 Анткени Ал көз ирмемге эле каарданат, ал эми ырайымы түбөлүк: кечинде – ый, эртең менен болсо – кубаныч.

7 Мен бейкут жашап турганымда: «Эч качан мүдүрүлбөйм», – дегем.

8 Теңирим, Өзүңдүн жакшы ниетиң менен тоомду бекем кылдың. Бирок жүзүңдү менден жашыргандыктан коркуп кеттим.

9 Ошондо мен Сени чакырдым, Теңирим, Сага жалындым:

10 «Көргө киргенде, менин канымдан кандай пайда? Топурак Сени даңктамак беле? Сенин чындыгыңды жарыяламак беле?

11 Теңирим, кулак сал, ырайым кыл! Теңирим, мага жардам берүүчү бол».

12 Сен менин кайгымды шаттыкка айланттың, үстүмдөгү зумбалды чечип, белимди кубаныч менен курчадың.

13 Жаным Сени даңктасын, басылбасын. Теңир, Кудайым! Мен Сени түбөлүк даңктаймын.

## 30-ЗАБУР

###### Кудайга таянуу сыйынуусу

1 Ырчылар тобунун башчысына. Дөөттүн забуру.

2 Теңир, Сага таянам, эч качан уятка калбайын, мени адилеттигиң боюнча куткар.

3 Мага кулак сал, мени куткарууга шашыл. Мага таштай бекем чеп бол, мени сакташ үчүн, мага баш пааналай турган үй бол.

4 Анткени Сен менин аска-зоомсуң, чебимсиң. Өз ысымың үчүн мени жетеле, мени башкар.

5 Мени жашыруун жайып коюшкан тордон чыгар, анткени Сен менин таянычымсың.

6 Рухумду Өз колуңа тапшырам. Теңир, чындыктын Кудайы, Сен мени куткардың.

7 Эч нерсеге жарабаган жалган кудайларга табынгандарды жек көрөм, бирок Теңирге таянам.

8 Сенин ырайымыңа кубанам да шаттанам, анткени менин башыма түшкөн мүшкүлдү көрдүң, жанымдын кыйналганын билдиң.

9 Мени душмандын колуна салып берген жоксуң, бутумду кең жерге койдуң.

10 Мага ырайым кыл, Теңир, анткени кыйналып турам. Кайгыдан көздөрүм соолуп, жаным кыйналып, жүрөгүм сыздап жатат.

11 Өмүрүм кайгы менен өтүп бара жатат, жылдарым онтоо менен өтүүдө. Күнөөлөрүмдүн айынан алсырап калдым, сөөктөрүм кургады.

12 Бүт душмандарымдын алдында шылдың болдум, атүгүл, кошуналарыма да күлкү болдум, тааныштарымдын көздөрүнө эң коркунучтуу көрүнүп калдым. Көчөдөн көргөндөр менден качышат.

13 Мен эбак өлүп калган кишидей, адамдардын эсинен чыктым, талкаланган карападай болуп калдым.

14 Анткени мен көптөрдөн жаман сөз угуп жүрөм, туш-туштан коркунуч каптады. Алар топтошуп алып, мени өлтүрүү үчүн, жамандык ойлоп жатышат.

15 Ал эми мен, Теңир, Сага гана таянам жана: «Менин Кудайым Сенсиң», – дейм.

16 Менин күндөрүм Сенин колуңда. Мени душмандарымдын колунан, куугунтукка алгандардан куткар.

17 Өз кулуңа Өзүңдүн жарык жүзүңдү көрсөт, мени Өз ырайымың менен куткар.

18 Мен уятка калбайм, Теңир, анткени Сени чакырып жатам. Кудайсыздар болсо уят болушсун, алардын үнү өлгөндөр жаткан жайда басылсын.

19 Адил адамдарга текебердик менен, жек көрүү менен жалаа жаап, жалган сүйлөгөндөр тилден калышсын.

20 Сенде Өзүңдөн корккондор үчүн сактап койгон, адам баласынын алдында Өзүңө таянгандар үчүн даярдап койгон жакшы нерселер көп!

21 Сен аларды адамдардын козголоңунан Өз жүзүңдүн астына жашырасың, аларды ачуу тилден Өз чатырыңда калкалайсың.

22 Чептери бекем шаарда мага Өзүнүн кереметтүү ырайымын көрсөткөн Теңирге даңк!

23 Кыйналып турганымда: «Ал мени көз алдынан четке кагып койду», – деп ойлогон элем. Бирок мен Сени чакырганда, Сен менин сыйынуумду уктуң.

24 Теңирдин адил адамдары, Аны сүйгүлө. Ишенимдүүлөрдү Теңир сактайт, менменсингендердин жазасын ашыгы менен берет.

25 Теңирден үмүттөнгөндөрдүн баары, кайраттуу болгула, жүрөгүңөр бекем болсун!

## 31-ЗАБУР

**Кечирим алуу**

1 Дөөттүн үйрөтүүсү. Мыйзамсыз иштери кечирилип, күнөөлөрү жабылган адам бактылуу!

2 Күнөөсүн Теңир мойнуна салбаган жана куулугу жок адам бактылуу!

3 Мен унчукпай койгондуктан, ар күнү кыйнала берип, денем алсырап калды.

4 Анткени менин үстүмдөгү колуң күндүр-түндүр кыйнады. Кургакчылык убагындагыдай, өң-түстөн кеттим.

5 Бирок мен Сага күнөөмдү ачык айттым, айыбымды жашырган жокмун: «Кылмыштарымды мойнума алып, Теңирге ачык айтайын», – дедим, ошондо Сен мени күнөөмдүн айыптоосунан куткардың.

6 Ошон үчүн ар бир адил адам өз убагында Сага сыйынсын, ошондо ага суулардын ташкыны жетпейт.

7 Сен менин баш паанегимсиң, Сен мени кайгыдан сактайсың, куткарылуу кубанычына бөлөйсүң.

8 «Сени акылга келтирем, кайсы жол менен жүрүшүң керек болсо, ошол жолго салам, сени башкарып жүрөм, Менин көзүм сенин үстүңдө».

9 «Баш ийдириш үчүн жүгөн, ооздук сала турган аттай, акылсыз качырдай болбогула».

10 Кудайсызга көп кайгы, ал эми Теңирге таянганды ырайым курчап турат.

11 Адил адамдар, Теңир менен кубангыла, көңүлүңөрдү ачкыла! Жүрөгү тазалар, шаттангыла!

## 32-ЗАБУР

**Даңктоо ыры**

1 Адил адамдар, Теңир менен кубангыла! Аны мактоо адилдерге жарашат.

2 Теңирди гусли чертип даңктагыла, Ага он кылдуу арфа чертип ырдагыла.

3 Ага арнап жаңы ыр ырдагыла, Ага кубаныч менен уккулуктуу ырдагыла.

4 Анткени Теңирдин сөзү чындык, Анын бардык иштери туура.

5 Ал акыйкаттык менен адилеттикти сүйөт. Жер жүзү Теңирдин ырайымына толгон.

6 Теңирдин сөзү менен асман, деми менен бардык асман күчтөрү жаралган.

7 Ал деңиз сууларын үймөктөй чогултту, түпсүз туңгуюктарды сактагычтарда сактады.

8 Бүт жер жүзү Теңирден корксун. Ааламда жашагандардын баары Анын алдында титиреп турсун.

9 Ал эмне айтса, айтканындай болду; Ал эмне буйруса, буйруганындай болду.

10 Теңир бутпарастардын кеңешин бузат, элдердин ойлорун жок кылат.

11 Ал эми Теңирдин кеңеши түбөлүктүү; Анын жүрөгүндөгү ойлор укумдан-тукумга кетет.

12 Теңир кайсы элдин Кудайы болсо, ошол эл бактылуу; Ал кайсы урууну Өзүнө мурас кылып тандап алса, ошол уруу бактылуу.

13 Теңир асмандан карап, бүткүл адам баласын көрүп турат.

14 Ал Өзү отурган тактыдан жерде жашагандардын баарын көрүп турат.

15 Ал алардын бардыгынын жүрөгүн жараткан, алардын бардыгынын иштерин билет.

16 Падыша сансыз аскери менен куткарыла албайт; алпты зор күчү сактай албайт.

17 Куткарат деп, атка ишенүүгө болбойт, ал өзүнүн чоң күчү менен да куткара албайт.

18 Мына, Теңирдин көзү Өзүнөн коркcондордун жана Өзүнүн ырайымына таянгандардын үстүндө.

19 Теңир алардын жанын өлүмдөн сактап каларына, ачарчылык убагында тойгузарына ишенишет.

20 Жаныбыз Теңирге таянат. Ал биздин жардам берүүчүбүз, калканыбыз.

21 Аны менен жүрөгүбүз кубанат, анткени биз Анын ыйык ысымына таянабыз.

22 Сага таянгандыктан, ырайымың биздин үстүбүздө болсун, Теңир.

## 33-ЗАБУР

###### Кудайды ырайымы үчүн даңктоо

1 Абы-Мелектин алдында келесоо болумуш болуп, андан кутулгандагы Дөөттүн забуру.

2 Теңирди ар убакта мактаймын, оозумдан түшүрбөй даңктаймын.

3 Жаным Теӊир менен мактанат, аны момундар угуп кубанат.

4 Мени менен бирге Теӊирди мактагыла, Анын ысымын баарыбыз бирге даӊазалайлы.

5 Мен Теӊирди издедим, ошондо Ал мени угуп, бардык коркунучтан куткарды.

6 Ага кайрылгандардын көздөрү ачылды, алар уятка калышпайт.

7 Азап чегип жаткан адам чакырганда, Теӊир угуп, аны бардык азаптарынан куткарды.

8 Теӊирдин периштеси Кудайдан корккондорду курчап турат, аларды куткарат.

9 Татып көргүлө, ошондо Теӊирдин кандай жакшы экенин көрөсүӊөр! Теӊирге таянган адам бактылуу!

10 Теӊирден корккула, Кудайдын ыйыктары, анткени Кудайдан корккондор эч нерсеге муктаж болушпайт.

11 Жаш арстандар жокчулуктун каарын тартып, ачка калышат, ал эми Теӊирди издегендер эч бир жакшы нерседен кур калышпайт.

12 Келгиле, балдарым, мени уккула. Силерге Теӊирден коркууну үйрөтөм.

13 Эгерде адам жашагысы келсе, жыргал турмушту көрүп, узак өмүр сүргүсү келсе,

14 анда тилин жаман сөздөн, оозун жалган сөздөн сактасын.

15 Жамандыктан баш тартып, жакшылык кыл. Тынчтыкты издеп, ошого умтул.

16 Теӊирдин көздөрү адил адамдарды көрүп турат, кулагы алардын зар-муӊун угат.

17 Бирок Теӊирдин жүзү жамандык кылгандарга каршы, алардын ысымын жер үстүнөн биротоло өчүрөт.

18 Адил адамдар чакырганда, Теӊир аларды угуп, бардык кыйынчылыктарынан куткарат.

19 Теӊир чын дилинен өкүнгөндөргө жакын, моюн сунгандарды куткарат.

20 Адил адамдын кайгысы көп, бирок Теӊир аны бардык кайгысынан куткарат.

21 Ал анын бардык сөөктөрүн сактайт, бир да сөөгү сынбайт.

22 Күнөөкөрдү жамандык өлтүрөт, адил адамды жек көргөндөр ойрон болушат.

23 Теӊир Өз кулдарынын жанын куткарат, Ага таянгандардын бири да өлбөйт.

## 34-ЗАБУР

**Кудайдан жардам сурап сыйынуу**

1 Дөөттүн забуру. Теңир, мени менен күрөшкөндөр менен күрөш, мени менен
согушкандар менен согуш.

2 Калкан, соот алып, мага жардамга кел.

3 Кылычыңды кынынан сууруп, мени кууп келе жаткандардын жолун торо. Менин
жаныма: «Сенин куткаруучуң Менмин!» – деп айт.

4 Мени өлтүргүсү келгендер уятка калышсын, шылдың болушсун. Мага жамандык
каалагандар артына качып, абийири төгүлсүн.

5 Алар шамал сапырган самандай болушсун, Теңирдин периштеси аларды кууп жиберсин.

6 Алардын жолу караңгы жана тайгак болсун, Теңирдин периштеси аларды
куугунтуктасын.

7 Анткени алар мага себепсиз ор казышкан, тор жайышкан. Менин айыпсыз жаным үчүн
көр казышкан.

8 Ага күтүлбөгөн өлүм келсин, мага жашыруун жайган торуна өзү түшсүн, торуна өзү
түшүп өлсүн.

9 Ал эми менин жаным Теңир менен кубанат, Анын куткарганына шаттанат.

10 Менин бүт сөөктөрүм: «Теңир! Күчсүздү күчтүүдөн сактаган, жарды менен жакырды
каракчыдан куткарган Сендей ким бар?» – дейт.

11 Жалган күбөлөр мага каршы чыгышты: мен билбегендерди сурап, суракка алышты.

12 Жакшылыгым үчүн алар мага жамандык кылып, жанымды жалгызсыратышты.

13 Мен алар ооруп жатканда, зумбал кийип, өз жанымды орозо кармап кыйнадым,
башымды көтөрбөй, кайра-кайра сыйындым.

14 Аларга досумдай, бир тууганымдай мамиле кылдым. Энесине аза күткөн адамдай
кайгыга батып, башымды шылкыйтып жүрдүм.

15 А мен мүдүрүлүп кеткенде, алар кубанып, топтошо калышты; мени тилдегендер мага
каршы чогулушту, мени эмне үчүн токтоосуз кордоп жатышканын билбейм.

16 Алар эки жүздүүлөнүп, мени шылдыңдап, тиштерин кычыратышты.

17 Теңир! Муну качанга чейин карап тура бересиң? Жанымды алардын кыянаттыгынан куткар, жалгыз жанымды арстандардын азуусунан куткар.

18 Мен Сени чоң жыйында даңктайм, өтө көп элдин ортосунда даңазалайм.

19 Мага себепсиз кас болуп жүргөндөр мени табалап карап турушпасын, мени айыпсыз жек көргөндөр табалап, бири-бирине көз кысышпасын.

20 Анткени алар тынчтык жөнүндө сүйлөшүп жатышкан жок, тескерисинче, жерде тынч жашагандарга жамандык кылууну ойлонуштуруп жатышат.

21 Мени карап алып: «Ии-и! Ии-и! Өз көзүбүз менен көрүп жатабыз!» – деп табалап жатышат.

22 Сен муну көрдүң, Теңир, унчукпай койбо. Менден алыстаба, Теңир.

23 Кудайым, Теңирим, ордуңан тур, мени актоо үчүн, мени коргоо үчүн ойгон!

24 Мени Өзүңдүн акыйкаттыгың менен акта, Теңирим, Кудайым, алар мени табалашпасын.

25 Өз ичтеринен: «Ырас болду! Табабыз канды!» – дешпесин. «Биз аны жуттук», – дешпесин.

26 Башыма кыйынчылык түшкөнүнө табасы канып кубангандар уятка калышсын, шылдың болушсун. Мага менменсингендердин абийири төгүлсүн, уят болушсун.

27 Менин акталышымды каалагандар кубанып, салтанат куруп, тынбай: «Өз кулуна тынчтык каалаган Теңир даңазалансын!» – дешсин.

28 Менин тилим Сенин чындыгыңды жар салып, ар күнү Сени даңазалайт.

## 35-ЗАБУР

###### Кудайсыздын мыйзамсыздыгы

1 Ырчылар тобунун башчысына. Теңирдин кулу Дөөттүн забуру.

2 Кудайсыздын мыйзамсыздыгын көрүп, ичимен: «Анын көздөрүндө Кудайдан коркуу деген жок», – дедим.

3 Анткени ал өзүнүн мыйзамсыздыгын жек көргөндөй, аны мойнуна алгысы келгендей түр көрсөтөт.

4 Анын оозунан чыккан сөздөр – жалган жана амалкөйлүк. Ал акылына келгиси келбейт, жакшылык кылгысы келбейт.

5 Ал төшөгүндө жатып да жамандык ойлойт, жаман ишке барат, мыйзамсыздык кылуудан жийиркенбейт.

###### Кудайдын ырайымы

6 Теңир! Сенин ырайымың асманга чейин жетет, Сенин ишенимдүүлүгүң булуттарга чейин жетет!

7 Сенин адилеттигиң улуу тоолордой, чечимдериң – түпсүз тереңдик. Адамдарды да, жаныбарларды да сактап турган бир Өзүңсүң, Теңир!

8 Ырайымың кандай кымбат, Кудайым! Адам баласы Сенин канаттарыңдын далдаасынан баш паанек табат.

9 Алар Сенин үйүңдөгү майларга тоюшат, аларды Өзүңдүн таттуу сууларыңа кандырасың.

10 Анткени өмүрдүн булагы Сенде. Биз Сенин жарыгыңдан жарык көрүп турабыз.

11 Сени билгендерге Өзүңдүн ырайымыңды, жүрөгү тазаларга Өз адилеттигиңди көрсөтө бер.

12 Мени текебердин буту тебелебесин, күнөөкөрдүн колуна түшпөйүн.

13 Ал жерде мыйзамсыздык кылгандар кулап түшүштү, алар эми кайра тура алышпайт!

### 36-ЗАБУР

###### Адил адам менен мыйзамсыздын үлүшү

1 Дөөттүн забуру. Зулумдарга ачууланба, мыйзамсыз иш кылгандарга суктанба.

2 Анткени алар тез эле чөптөй куурашат, көк чөптөй соолушат.

3 Теңирге таян, жакшылык кыл, жер үстүндө жаша, чындыкты сакта.

4 Теңир менен кубан, ошондо Ал жүрөгүңдөгү каалоолорду ишке ашырат.

5 Теңирге өз жолуңду тапшыр, Ага таян, ошондо Ал ишке ашырат.

6 Чындыгыңды жарыктай, адилеттигиңди чак түштө тийген күндөй кылат.

7 Теңирди унчукпай күт, Андан үмүттөн. Өз жолунда ийгиликке жеткен, арам ойлорун ишке ашырган адамга атаандашпа.

8 Ачууңду токтот, кыжырланба. Жамандык кылганга чейин барбаш үчүн, атаандашпа.

9 Анткени жамандык кылгандар кырылышат, ал эми Теңирден үмүттөнгөндөр жерди мураска алышат.

10 Бир аз убакыт өткөндөн кийин кудайсыз жок болот, анын ордун карап, таппай каласың.

11 Ал эми момундар жерди мураска алышат да, тынч турмушка ыракаттанышат.

12 Кудайсыз адам адил адамга жамандык издеп, тиштерин кычыратып турат.

13 Теңир болсо ага күлөт, анткени Ал анын күнү жакын калганын көрүп турат.

14 Кудайсыздар жарды менен жакырды кулатуу үчүн, түз жолдо бара жаткандарды өлтүрүү үчүн, кылычтарын кындан сууруп, жааларын атууга даярдап турушат.

15 Алардын кылычы өздөрүнүн жүрөгүнө сайылат, жаалары сынат.

16 Адил адамдын аз нерсеси кудайсыздардын сансыз байлыгынан артык.

17 Анткени кудайсыздардын күчү талкаланат, ал эми адил адамдарды Теңир колдойт.

18 Теңир күнөөсүздөрдүн күндөрүн билет, алардын байлыгы түбөлүк турат.

19 Алар оор күндөрү уятка калышпайт, ачарчылык күндөрү ток болушат.

20 Ал эми кудайсыздар өлүшөт, Теңирдин душмандары козунун майындай жок болот, түтүндөй тарап кетет.

21 Кудайсыз карыз алат, бирок кайрып бербейт, ал эми адил адам ырайым кылат жана берет.

22 Анткени Кудайдын батасын алгандар жерди мурастап калышат, ал эми Анын каргышына калгандар кырылып жок болушат.

23 Эгерде адамдын жолу Теңирге жакса, Ал аны бекемдейт.

24 Ал жыгылып бара жатса да, кулабайт, анткени Теңир аны колунан кармап турат.

25 Мен жаш болгом, эми карыдым, бирок адил адамды Кудай таштап койгонун же анын балдарынын нан сурап жүргөнүн көргөн жокмун.

26 Адил адам ар күнү боор ооруп, карыз сурагандарга берет, ошондуктан анын укум-тукуму бата алат.

27 Жамандыктан кач, жакшылык кыл, ошондо түбөлүк жашайсың.

28 Анткени Теңир чындыкты сүйөт, Өзүнүн ыйыктарын таштабайт. Алар түбөлүк сакталышат, ал эми кудайсыздардын тукуму кырылып жок болот.

29 Адил адамдар жерди мурастап, анда түбөлүк жашашат.

30 Адил адамдын оозунан акылдуу сөздөр чыгат, тили чындыкты сүйлөйт.

31 Кудайдын мыйзамы анын жүрөгүндө, анын буттары тайыбайт.

32 Кудайсыз адам адил адамдын артынан аңдып, аны өлтүрүүнүн жолун издейт.

33 Бирок Теңир адил адамды анын колуна бербейт, ал соттолуп жатканда, анын айыпталуусуна жол бербейт.

34 Теңирден үмүт кыл, Анын жолунан чыкпа. Ошондо жерди мурастап калышың үчүн, Ал сени сактап жүрөт. Кудайсыздардын кырылып жатканын өз көзүң менен көрөсүң.

35 Мен мыйзамсыз, зулум адамды көрдүм, ал тамырын жайган бутактуу дарактай эле.

36 Бирок ал өтүп кеткен, эми ал жок. Аны издедим, бирок таппай койдум.

37 Күнөөсүз адамды байкап жүр, адил адамды карап жүр, анткени андай адамдын келечеги – тынчтык.

38 Ал эми мыйзамсыздардын баары кырылат, кудайсыздардын келечеги ойрон болот.

39 Адил адамдардын куткарылышы Теңирден, кайгы учурунда Теңир алардын коргоочусу.

40 Теңир аларга жардам берет, аларды куткарат. Аларды кудайсыздардан куткарып алат, аларды сактап калат, анткени алар Теңирге таянышат.

## 37-ЗАБУР

###### Азап чеккен адамдын сыйынуусу

1 Дөөттүн забуру. Эске түшүрүү үчүн.

2 Теңир! Мени каарданып ашкерелебе, ачууланып жазалаба.

3 Анткени Сенин жебелериң денеме сайылып турат, Сенин менин үстүмдөгү колуң оор болуп жатат.

4 Сенин каарыңдан денемдин бир да соо жери жок. Күнөөлөрүмдүн айынан сөөктөрүмдө тынчтык жок.

5 Анткени мыйзамсыз иштерим башымдан ашып, оор жүк сыяктуу мага салмагын салып турат.

6 Акылсыздыгымдан жараларым ириңдеп, сасып жатат.

7 Бүкүрөйүп, таптакыр башымды көтөрө албай калдым, таңдан кечке кайгы тартып жүрөм.

8 Анткени ичим толтура илдет, денемдин соо жери жок.

9 Алсырап, аябай кыйналып жатам, жүрөгүм сыздагандан кыйкырып жатам.

10 Теңир! Менин каалоомдун баары Өзүңө белгилүү, менин онтогонум да Сенден жашыруун эмес.

11 Жүрөгүм титиреп жатат, күчүмдү жоготтум, көзүм да тунарып калды.

12 Досторум менен санаалаштарым илдетимди көрүп, менден оолактап калышты, жакындарым да алыс турушат.

13 Мени өлтүргүсү келгендер болсо торлорун жайып жатышат, мага жамандык каалагандар мени өлтүрүү жөнүндө сүйлөшүп жатышат, ар күнү айла-амал ойлоп жатышат.

14 Ал эми мен дүлөйгө окшоп эч нерсе укпайм; дудукка окшоп оозумду ачпайм.

15 Кулагы укпаган, оозунда жообу жок адамга окшоп калдым.

16 Анткени мен Сенден үмүттөнөм, Теңир. Сен мага жооп bересиң, Теңирим, Кудайым менин.

17 «Душмандарым мени көрүп кубанышпасын. Бутум шилтенбей калса, алар мага кыйынсынышат», – дедим.

18 Анткени жыгылганы калдым, жаным кыйналып турат.

19 Мен өз айыбымды мойнума алам, күнөөм үчүн кайгырып жатам.

20 Душмандарым болсо жашап жүрүшөт, күч алып жатышат, мени себепсиз эле жек көргөндөр көбөйүп жатат.

21 Менин жакшылыгыма жамандык кылгандар да жакшы нерсеге умтулганым үчүн, мага каршы чыгып жатышат.

22 Теңирим, Кудайым, мени таштаба, менден алыстаба.

23 Мага жардам берүүгө шашыл, Теңирим, менин Куткаруучум!

## 38-ЗАБУР

###### Азап чеккен адамдын жалынуусу

1 Ырчылар тобунун башчысы Жедутунга. Дөөттүн забуру.

2 «Тилим менен күнөөгө батпаш үчүн, өз жолдорумду байкап жүрөйүн. Кудайсыз жанымда турганда, оозумду ооздуктайын», – дедим.

3 Мен дүлөй да, дудук да болдум, жакшылык жөнүндө да ооз ачпас болдум; азабым артты.

4 Көөдөнүмдө жүрөгүм жалындап, оюмда от чыкты. Тилим ошондо сүйлөй баштады:

5 айтчы, Теңирим, мен качан өлөм, канча күнүм калды, канча күнүм калганын, канча жашарымды билейин.

6 Сен мага бир сөөм өмүр бердиң, менин өмүрүм Сенин алдыңда эч нерсе эмес. Чын эле, ар бир адамдын жашоосу курулай убаракерчилик экен.

7 Чын эле, адам элес сыяктуу жүрөт, бекер түйшүк тартат, дүнүйө жыйнайт, анысы кимге каларын билбейт.

8 Мен эми эмнени күтмөк элем, Теңир? Менин үмүтүм бир Өзүңдө.

9 Мени мыйзамсыз иштеримдин баарынан куткар, мени акылсыздарга кордотпо.

10 Мен дудук болуп калдым, ооз ачпайм, анткени Сен ушундай кылдың.

11 Соккуларыңды токтот, Сенин колуңдун соккусунан мен жок болуп бара жатам.

12 Сен адамды күнөөсү үчүн жазалап, башына кыйынчылык саласың, анын көркү күбө жегендей күбүлөт. Ар бир адамдын жашоосу – курулай убаракерчилик!

13 Менин сыйынуумду ук, Теңир, Менин ыйыма кулак сал. Менин көз жашымды көрүп унчукпай койбо. Анткени мен Сенин жолоочуңмун, өзүмдүн ата-бабаларымдай эле келгинмин.

14 Мени кыйнаба, көзүм жумулуп дүйнөдөн өткүчө, күчкө толуп алайын.

## 39-ЗАБУР

###### Машайактын тил алчаактыгы жөнүндө пайгамбарчылык

1 Ырчылар тобунун башчысына. Дөөттүн забуру.

2 Мен Теңирге бекем ишенгем, ошондуктан Ал мага назар салып, менин зар-муңумду укту.

3 Мени туңгуюктан, сормо саздан чыгарып, буттарымды ташка коюп, кадамымды бекемдеди.

4 Кудайыбызды мактаган жаңы ырды оозума салды. Көп адамдар көрүп коркуп калышат, ошондо Теңирге таянышат.

5 Теңирди таяныч кылган жана текеберлерге, жалганчыларга кайрылбаган адам бактылуу.

6 Теңир, Кудайым, Сен көп иштерди жасадың! Сенин бизге көрсөткөн кереметтериңди, биз жөнүндөгү ниеттериңди ким айтып бүтө алат? Сага ким тең келе алат! Мен мунун баарын жар салып айтар элем, бирок аларга сан жетпейт.

7 Курмандык менен тартууларды Сен каалаган жоксуң, бирок Сен менин кулагымды ачтың. Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык менен күнөө үчүн чалынуучу курмандыкты талап кылган жоксуң.

8 Ошондо мен: «Мына, мен бара жатам. Түрмөк китепте мен жөнүндө жазылган.

9 Мен Сенин эркиңди аткаргым келет, Кудайым. Сенин мыйзамың менин жүрөгүмдө», – дедим.

10 Мен Сенин адилеттигиңди улуу жыйында жарыя кылдым. Оозумду тындырган жокмун, муну Сен билесиң, Теңир.

11 Сенин адилеттигиңди жүрөгүмө катып алган жокмун, Сенин ишенимдүүлүгүңдү жана куткаруу ишиңди жарыя кылдым, Сенин ырайымың менен чындыгыңды улуу жыйындын алдында жашырбадым.

**Ырайым кылуусун сурап Кудайга сыйынуу**

12 Сен, Теңир, менден ырайымыңды аяба! Сенин ырайымың менен чындыгың мени дайыма коргоп жүрсүн.

13 Анткени мени сансыз кайгы курчап алды, мыйзамсыз иштерим өз башыма тийди, ошондуктан эч нерсени көрө албай жатам. Алар башымдагы чачымдан да көп, менин кайрат-күчүм кетти.

14 Ырайым кылып, мени куткарып ал, Теңир! Мага жардамга шашыл, Теңир!

15 Мени өлтүргүсү келгендердин бардыгы уятка калышсын, шылдың болушсун! Мага жамандык каалагандар артка кайтышсын, күлкү болушсун!

16 «Ии-ии!» – деп табалагандар өздөрүнүн шылдың болуп калганына үрөйлөрү учсун.

17 Сени издегендердин баары кубанышсын, Сени менен шаттанышсын. Сенин куткаруу иштериңди сүйгөндөр: «Теңир улуу!» – деп, тынбай жар салышсын.

18 Мен болсо жардымын, жакырмын. Теңир, мен үчүн кам көрө көр. Менин жардам берүүчүм да, Куткаруучум да Сенсиң, Кудайым, кечикпе!

## 40-ЗАБУР

##### Кайрымдуу адам бактылуу

1 Ырчылар тобунун башчысына. Дөөттүн забуру.

2 Бей-бечараны ойлогон адам бактылуу! Кыйынчылык күнү аны Теңир куткарат.

3 Теңир аны коргоп, өмүрүн сактап калат. Жер үстүндө ал бактылуу болот. Теңир, Сен аны душмандын колуна салып бербейсиң.

4 Ал ооруп жатканда, Теңир ага күч берет. Сен аны төшөгүнөн тургузасың, дартынан арылтасың.

5 «Теңир! Мага ырайым кыл, жанымды сакайт, анткени мен Сенин алдыңда күнөө кылдым», – дедим.

6 Душмандарым мен жөнүндө «Ал качан өлөт? Анын ысымы качан өчөт?» деген жаман сөздөрдү айтышат.

7 Мени көргөнү келген адам жалган сүйлөйт. Жүрөгүнөн жалганды ойлоп чыгарат да, сыртка чыгары менен элге жаят.

8 Мени жек көргөндөрдүн бардыгы мага каршы чыгып, өз ара шыбырашып, мага жамандык ойлошот:

9 «Ал айыкпас дартка чалдыкты. Ал жыгылды, эми турбайт».

10 Атүгүл, мени менен тынчтыкта болгон, мен ишенип жүргөн, менин нанымды жеген адам мага согончогун көтөрдү.

11 Сен болсо, Теңир, мага ырайым кыл, мени тургуз, мен алардын жазасын берем.

12 Эгерде душманым мага үстөмдүк кыла албаса, ошондон Сенин мага ырайым кылганыңды билем.

13 Мени болсо аман сактап, Өзүңдүн алдыңа түбөлүк тургузасың.

14 Теңир, Ысрайыл Кудайы, кылымдан кылымга даңкталсын! Оомийин, оомийин!

##### ЭКИНЧИ КИТЕП

## 41-ЗАБУР

**Бөтөн жерге куулуп кеткен адамдын кайгысы жана сооронуусу**

1 Ырчылар тобунун башчысына. Коректын уулдарынын үйрөтүүсү.

2 Бугу тунук суунун башатын эңсегендей, менин жаным да эңсейт Сени, Кудайым!

3 Менин жаным күчтүү, тирүү Кудайды каалайт: Кудайдын алдына качан барып турам?

4 Ар күнү мага: «Сенин Кудайың кана?» – дешкенде, көзүмдүн жашы мен үчүн күнү-түнү
нан ордуна болгон.

5 Ал жөнүндө эстеп, ички сырымды айтып жатам, анткени мен көп эл менен, майрамдап
жаткан топ эл менен бирге Кудайды даңктап, Кудайдын үйүнө кубаныч менен кирчү элем.

6 Жаным, эмнеге чөгүп, эмнеге онтоп жатасың? Кудайга таян, анткени мен Аны –
Куткаруучумду, Кудайымды дагы даңктайм.

7 Жаным кыйналып, мен Сени Иордан жеринен, Хермондон, Митсар тоосунан эстеп
жатам.

8 Сенин шаркыратмаларыңдын үнү менен туңгуюк туңгуюкту чакырат. Сенин бардык
сууларың менен толкундарың үстүмдөн өттү.

9 Күндүз Теңир Өзүнүн ырайымын көрсөтөт, түн ичинде мен Ага ыр арнаймын,
өмүрүмдүн Кудайына сыйынам.

10 Өзүмдүн коргоочума, Кудайыма, мындай деп айтам: «Эмне үчүн мени унуттуң? Эмне
үчүн мен душмандарыма кордолуп, кыйналып жүрөм?»

11 Душмандарым мени шылдыңдап, күн сайын мага: «Кудайың кана?» – деп айтышканда,
сөөктөрүмдү сындырып жатышкансыйт.

12 Жаным, эмнеге чөгүп, эмнеге онтоп жатасың? Кудайга таян, анткени мен Аны –
Куткаруучумду, Кудайымды дагы даңктайм.

## 42-ЗАБУР

**Бөтөн жерге куулуп кеткен адамдын сыйынуусу**

1 Мага акыйкаттык кыл, Кудайым, кара ниет эл менен болгон ишиме кийлигиш. Мени
адилетсиз, амалкөй адамдан куткар.

2 Анткени Сен мага күч бере турган Кудайсың. Эмнеге Сен мени таштап салдың? Эмне
үчүн мен душмандарыма кордолуп, кыйналып жүрөм?

3 Өз жарыгың менен чындыгыңды жибер. Алар мени жетектеп, Сенин ыйык тооңо, Сен жашаган жерге алып барышсын.

4 Ошондо мен Кудайдын курмандык чалынуучу жайына, мага кубаныч, шаттык берген Кудайыма келем; гусли чертип, Сени даңктайм, Кудай, менин Кудайым!

5 Жаным, эмнеге чөгүп, эмнеге онтоп жатасың? Кудайга таян, анткени мен Аны – Куткаруучумду, Кудайымды дагы даңктайм.

## 43-ЗАБУР

###### Өз элин коргоосун сурап Кудайга сыйынуу

1 Ырчылар тобунун башчысына. Корактын уулдарынын үйрөтүүсү.

2 Кудай, Сенин мурунку заманда, ата-бабаларыбыздын убагында эмне кылганыңды бизге ата-бабаларыбыз айтып беришкен, биз өз кулагыбыз менен укканбыз.

3 Сен Өз колуң менен элдерди талкаладың, аларды болсо жайгаштырдың. Урууларды талкалап, кууп чыгардың.

4 Анткени алар жерге өз кылычы менен ээ болушкан жок, аларды өздөрүнүн күчү куткарган жок, тескерисинче, аларды Сенин оң колуң, Сенин күчүң, Сенин жүзүңдүн жарыгы куткарды, анткени Сен аларга ырайым кылдың.

5 Кудайым, Сен Өзүң менин Падышамсың! Жакыпты куткар.

6 Биз Сени менен душмандарыбызды сүзөбүз, Сенин ысымың менен бизге каршы чыккандарды тебелейбиз.

7 Анткени мен өзүмдүн жаама да таянбайм, мени кылычым да куткарбайт.

8 Бирок Сен бизди душмандарыбыздан куткарасың, бизди жек көргөндөрдү уят кыласың.

9 Кудайды күн сайын мактайбыз, Сенин ысымыңды түбөлүк даңктайбыз.

10 Бирок Сен азыр бизди таштап койдуң, уятка калтырдың, биздин аскерлер менен бирге чыкпай жатасың.

11 Бизди душмандарыбыздан качууга мажбур кылдың, жек көргөндөр бизди талап-тоноп жатышат.

12 Бизди койлордой кылып жеш үчүн салып бердиң, бизди элдер арасына чачып жибердиң.

13 Өз элиңди өтө арзан сатып жибердиң, анын баасын көтөргөн жоксуң.

14 Бизди коңшуларыбызга шылдың кылдырдың, тегерегибизде жашагандарга күлкү кылдың, кордоттуң.

15 Сен бизди эл арасында ылакап кылдың, бөтөн элдер баштарын чайкап, бизди күлкү кылышат.

16 Күн сайын шылдың болом, уялганымдан бетим кызарат.

17 Кордоочулар менен ушакчылардын сөздөрүнөн, душмандарым менен өч алуучулардын көздөрүнөн уялганымдан бетим кызарат.

18 Ушунун баары башыбызга түштү, бирок биз Сени унуткан жокпуз, Сенин келишимиңди бузган жокпуз.

19 Сен бизди чөөлөр жашаган жерде талкалаганда, бизге өлүм көлөкөсүн түшүргөндө,

20 жүрөгүбүз артка бурулган жок, буттарыбыз Сенин жолуңдан чыккан жок.

21 Эгерде биз өз Кудайыбыздын ысымын унутуп койсок, колубузду башка кудайга сунсак,

22 Кудай бизди ушул үчүн жазалабай коймок беле? Анткени Ал жүрөктөгү сырларды билет.

23 Сен үчүн бизди күн сайын өлтүрүп жатышат. Биз алар үчүн мууздала турган койлор сыяктуубуз.

24 Ордуңан тур, Теңир, эмнеге уктап жатасың, ойгон! Бизден биротоло баш тартып кетпе.

25 Эмне үчүн сен бизден Өз жүзүңдү жашырып жатасың? Эмне үчүн биздин кайгыбызды, эзилгенибизди унутуп жатасың?

26 Анткени биздин жаныбыз топурактай тебеленди, ичибиз топуракка жабышып калды.

27 Бизге жардамга кел, Өз ырайымың үчүн бизди куткар.

## 44-ЗАБУР

###### Падышанын келиши жана Анын Колуктусу жөнүндө

1 Ырчылар тобунун башчысына. Шошаним күү аспабы менен. Корактын уулдарынын үйрөтүүсү. Сүйүү ыры.

2 Жүрөгүмдөн жакшы сөз төгүлдү. «Менин ырым Падыша жөнүндө. Тилим – тез жазуучунун калеми».

3 Сен адам баласынын эң сулуусусуң. Сенин оозуңдан ырайым төгүлүп турат, ошондуктан Кудай Сага түбөлүк батасын берген.

4 Өз кылычыңды белиңе байла, Кудуреттүүм, даңкың менен, сулуулугуң менен курчан.

5 Өзүңдүн ушул жасалгаң менен шашыл, чындык, момундук жана адилеттик үчүн Өз
арабаңа отур. Ошондо оң колуң Өзүңө кереметтүү иштерди көрсөтөт.

6 Сенин жебелериң курч. Элдер Сенин алдыңа жыгылышат. Жебелер Падыша
душмандарынын жүрөктөрүн тешип өтөт.

7 Кудайым, Сенин тактың түбөлүктүү. Адилеттик таягың – падышачылык бийлигиңдин
таягы.

8 Сен чындыкты сүйүп, мыйзамсыздыкты жек көрдүң, ошондуктан Кудай, Сенин
Кудайың, жолдошторуңа караганда Сени кубаныч майы менен көбүрөөк майлаган.

9 Бүт кийимиң мирра, алой, касия жыттанат. Пил сөөгүнөн жасалган ак сарайларда лира
чертип, Сенин көңүлүңдү ачышат.

10 Падышалардын кыздары Сенин ардактуу меймандарыңдын арасында. Сенин оң
жагыңда Опир алтынынан кийим кийген ханыша турат.

11 Ук, бийкеч, кара, кулак сал, өз элиңди, атаңдын үйүн унут.

12 Падыша сенин сулуулугуңду көргүсү келет, анткени Ал сенин Теңириң, сен да Ага
таазим кыл.

13 Тирдин кызы да белектери менен, элдин эң байлары да тартуулары менен Сага таазим
кылышат.

14 Падыша кызынын бүт даңкы өзүнүн ичинде. Кыздын кийимдери чылк алтындан
тигилген.

15 Түркүн түстүү кийим кийген аны Падышага алып келишет, артынан курбу кыздарын
алып келишет.

16 Аларды кубаныч менен, салтанат менен алып келишет да, Падышанын сарайына
киргизишет.

17 Сенин ата-бабаларыңдын ордунда уулдарың болот. Аларды Сен бүт жер жүзүнө төрө
кылып коёсуң.

18 Сенин ысымыңды укумдан-тукумга өчпөс кылам, ошондуктан элдер Сени кылымдан
кылымга даңкташат.

## 45-ЗАБУР

**Кудай биз менен**

1 Ырчылар тобунун башчысына. Корактын уулдарыныкы. Аламот күү аспабы менен. Ыр.

2 Кудай биздин баш калкалар жайыбыз жана күчүбүз, кыйынчылык учурунда тез жардам берүүчүбүз.

3 Ошондуктан жер титиресе да, тоолор жылып деңизге чөксө да, биз коркпойбуз.

4 Алардын суулары шаркырап ташкындай берсин, алардын толкундарынан тоолор титирей берсин.

5 Дарыя суулары Кудайдын шаарын, бардыгынан жогору турган Кудайдын ыйык жайын шаттыкка бөлөйт.

6 Кудай анын ортосунда, ал солк этпейт: Кудай ага таң азандан жардам берет.

7 Бутпарас элдер чуулдап, падышачылыктар кулай баштады: бардыгынан жогору турган Кудай үн салды эле, жер эрип кетти.

8 Себайот Теңир биз менен, Жакыптын Кудайы биздин чебибиз.

9 Келгиле, Теңирдин иштерин – жер үстүн кандай кыйратканын көргүлө.

10 Ал жер жүзүндөгү согуштарды токтотту, жааларды талкалады, найзаларды сындырды, арабаларды өрттөп жиберди.

11 Токтогула, Менин Кудай экенимди таанып билгиле. Мен элдер арасында даңкталам, жер үстүндө даңазаланам.

12 Себайот Теңир биз менен, Жакыптын Кудайы биздин чебибиз.

## 46-ЗАБУР

###### Кудай – бүт жер жүзүнүн Падышасы

1 Ырчылар тобунун башчысына. Корактын уулдарыныкы. Забур.

2 Бардык элдер, кол чапкыла, Кудайды кубанычтуу үн менен чакыргыла!

3 Анткени кудуреттүү Теңир коркунучтуу, Ал – бүт жер үстүндөгү улуу Падыша.

4 Бизге элдерди баш ийдирди, урууларды бут алдыбызга жыкты.

5 Ал бизге мурасты, Өзү сүйгөн Жакыптын сыймыгын, тандап берди.

6 Кудай кубанычтуу кыйкырыктардын коштоосунда, Теңир сурнайдын коштоосунда жогору көтөрүлдү.

7 Биздин Кудайды мактап ырдагыла, ырдагыла. Биздин Падышаны мактап ырдагыла, ырдагыла.

8 Анткени Кудай – бүт жер жүзүнүн Кудайы. Баарыңар түшүнүп ырдагыла.

9 Кудай элдердин үстүнөн падыша болду; Кудай Өзүнүн ыйык тактысына отурду.

10 Бардык элдердин төрөлөрү Ыбрайымдын Кудайынын эли катары чогулду, анткени жердеги калкандар Кудайдыкы. Кудай алардын үстүнөн өтө бийик көтөрүлдү.

## 47-ЗАБУР

#### Сион – Кудайдын шаары

1 Ыр. Забур. Кορактын уулдарыныкы.

2 Теңир биздин Кудайыбыздын шаарында, Өзүнүн ыйык тоосунда улуу, түбөлүк даңктоого татыктуу.

3 Сион тоосу – эң сонун бийиктик, бүт жер жүзүнүн кубанычы. Анын түндүк тарабында улуу Падышанын шаары жайгашкан.

4 Кудай анын сарайларында тирек катары белгилүү.

5 Падышалардын баары чогулуп, согушка аттанышты.

6 Бирок алар бул шаарды көргөндө, коркуп кетишти, үрөйлөрү учуп, артка качышты.

7 Аларды коркунуч каптады, толгоо тарткан аялдай кыйналышты.

8 Сен чыгыш шамалы менен Таршыш кемелерин кыйраттың.

9 Биз Себайот Теңирдин шаарында, биздин Кудайдын шаарында, эмнени уксак, азыр ошону көрдүк. Кудай аны түбөлүккө бекемдейт.

10 Кудай, биз Сенин ийбадатканаңдын ичинде Сенин ырайымың жөнүндө ойлондук.

11 Кудай, Сенин ысымың сыяктуу эле даңкың да төгөрөктүн төрт бурчуна жетет. Сенин оң колуң адилеттикке толгон.

12 Сион тоосу шаттансын, Теңир, туура өкүмдөрүң үчүн Жүйүт кыздары кубанышсын.

13 Сион тоосун тегеректеп, аны айланып чыккыла. Анын мунараларын санап чыккыла.

14 Өз жүрөгүңөрдү анын чептерине бургула. Келечек муунга айтып бериш үчүн, анын үй-жайларын карап чыккыла.

15 Анткени бул Кудай биздин түбөлүк Кудайыбыз. Ал биз өлгөнгө чейин да жол башчыбыз болот.

## 48-ЗАБУР

###### Байлыкка таянгандардын акылсыздыгы

1 Ырчылар тобунун башчысына. Кoрактын уулдарыныкы. Забур.

2 Бардык элдер, муну уккула. Бүт ааламда жашап жаткандар, буга кулак салгыла.

3 Карапайымдар да, атактуулар да, байлар да, жакырлар да – баарыңар уккула.

4 Менин оозум акылдуу сөздөрдү сүйлөйт, жүрөгүмдүн ойлогону – билим.

5 Кулагымды накыл сөзгө бурам. Гусли чертип, табышмагымды ачам:

6 «Башыма кыйынчылык түшкөн күндөрү, душмандарымдын мыйзамсыздыгы мени курчап алганда, эмне үчүн коркушум керек?»

7 Өз күчүнө ишенгендер жана көп байлыгы менен мактангандар!

8 Адам өз бир тууганын эч куткара албайт, аны куткарып алуу үчүн, Кудайга кун төлөй албайт.

9-10 Алардын жанын куткарып алуу баасы өтө кымбат. Адам түбөлүк жашаш үчүн жана мүрзөнү көрбөш үчүн, эч качан эч кандай кун төлөй албайт.

11 Акылдуу адамдар акылсыз адамдар сыяктуу эле өлүп жатышканы, эси жоктор өлүп, дүнүйөлөрүн башкаларга калтырып жатышканы ар бир эле адамга айкын.

12 Алардын ою боюнча үйлөрү түбөлүк турат, үй-жайлары укумдан-тукумга калат, ошондуктан жерлерин өздөрүнүн ысымдары менен аташат.

13 Бирок адамдын атак-даңкы түбөлүктүү эмес, анткени адам өлө турган жаныбарларга эле окшош.

14 Алардын бул жолу – акылсыздык, аларды жолдогондор болсо алардын ойлорун туура көрүшөт.

15 Аларды койлор сыяктуу өлгөндөр жаткан жайга камашат. Аларды өлүм кайтарат, эртең менен адил адамдар алардын үстүнөн бийлик жүргүзүшөт. Алардын күчү жок болот, алардын турагы – мүрзө.

16 Бирок Кудай мени кабыл алып, жанымды өлгөндөр жаткан жайдын бийлигинен куткарат.

17 Адам байый баштаганда, анын үйүнүн атак-даңкы арта баштаганда, коркпо.

18 Анткени ал өлүп бара жатканда, эч нерсени ала кетпейт. Атак-даңкы артынан кетпейт.

19 Ал тирүү кезинде өз жанын кадырлап-кастарласа да, өзүн өзү камсыз кылганы үчүн
адамдар аны мактаса да,

20 ал өзүнүн ата-бабаларынын артынан барат, алар эч убакта жарыкты көрүшпөйт.

21 Атак-даңктуу, бирок акылсыз адам өлө турган жаныбарларга эле окшош.

## 49-ЗАБУР

###### Кудайды унуткандарга акыл-насаат

1 Асаптын забуру. Кудайлардын Кудайы, Теңир, үн салып, күн чыгыштан күн батышка
чейин жер жүзүндөгүлөрдүн бардыгын чакырат.

2 Кудай сулуулуктун туу чокусу болгон Сион тоосунан келет.

3 Кудайыбыз келе жатат, Ал унчукпай келе жаткан жок: Анын алдында – баарын
жалмаган от, тегерегинде – катуу бороон.

4 Ал Өз элин соттоо үчүн, жогорудан асман менен жерге чакырык салып жатат:

5 «Курмандыктын жанында Мени менен келишим түзгөн Менин ыйыктарымды
чогулткула».

6 Асман Анын чындыгын жар салып жатат, анткени бул Сот – Кудай Өзү.

7 «Элим, Мени ук, Мен сүйлөйм, Ысрайыл, Мен сага каршы күбөгө өтөм. Мен Кудаймын,
сенин Кудайыңмын.

8 Мен сени курмандыктарың үчүн жемелебейм. Сенин бүтүндөй өрттөлүүчү
курмандыктарың дайыма Менин алдымда.

9 Сенин үйүңдөн букачар да албайм, сенин корооңдон теке да албайм.

10 Анткени токойдогу жаныбарлардын баары Меники, тоодогу миңдеген мал да Меники.

11 Тоодогу бардык куштарды билем, талаадагы жаныбарлар Менин алдымда.

12 Эгерде Мен ачка болсом да, сага айтмак эмесмин, анткени бүткүл аалам жана анда
жашагандардын баары Меники.

13 Мен букачардын этин жемек белем? Текенин канын ичмек белем?

14 Кудайга мактоо курмандыгын алып кел, кудуреттүү Кудайга берген убадаларыңды аткар.

15 Башыңа кыйынчылык түшкөн күнү Мени чакыр, Мен сени куткарам, сен болсо Мени даңктайсың».

16 Күнөөкөргө болсо Кудай мындай дейт: «Эмне үчүн сен Менин мыйзамдарымды жар саласың, осуятымды оозуңа аласың?

17 Сен Менин мыйзамдарымды жек көрөсүң, Менин сөздөрүмдү таштап салдың.

18 Ууруну көргөндө, ага кошулуп кетесиң, ойноштук кылгандарга кошулуп ойноштук кыласың.

19 Оозуңдан жаман сөздөр чыгат, тилиң болсо жалган сөздөрдү куюлуштуруп сүйлөйт.

20 Отуруп алып бир тууганыңа каршы сүйлөйсүң, өз энеңдин уулун жамандайсың.

21 Сен ушундай кылдың, бирок Мен унчуккан жокмун. Өзүң кандай болсоң, Мени да ошондой ойлодуң. Айыбыңды ачып, күнөөңдү өз көзүңө көрсөтөм.

22 Кудайды унуткандар, мына ушуну түшүнгүлө, болбосо Мен силерди тытып жок кылгым келсе, эч ким куткарбайт.

23 Мага мактоо курмандыгын алып келген адам – Мага урмат көрсөткөн адам. Өз жолун байкап жүргөн адамга Мен Кудайдын куткаруусун көрсөтөм».

## 50-ЗАБУР

**Кудайдан кечирим сурап сыйынуу**

1 Ырчылар тобунун башчысына.

2 Дөөт Бат-Шебага жакындагандан кийин, ага Натан пайгамбар келгендеги Дөөттүн забуру.

3 Кудайым, мени Өзүңдүн улуу ырайымың боюнча ая, Өзүңдүн улуу кайрымдуулугуң боюнча күнөөлөрүмдү өчүрүп сал.

4 Күнөөлөрүмдү тазаргыча жууп, кылмышымдан тазала.

5 Анткени мен күнөөлөрүмдү мойнума алам, кылмышым көз алдымдан кетпейт.

6 Мен Сага, бир гана Сага каршы күнөө кылдым, Сенин көз алдыңда жаман иш кылдым. Сенин өкүмүң адилет, Сенин сотуң таза.

7 Мен бойго бүткөндөн тартып эле күнөөкөрмүн, энемден күнөөкөр болуп төрөлгөм.

8 Сен жүрөктөгү чындыкты сүйөсүң, ички дүйнөмө акыл бердиң.

9 Мага иссоп менен кан чач, ошондо таза болом. Мени жуу, ошондо кардан ак болом.

10 Мага кубаныч менен шаттыктын үнүн угуз, ошондо Сен талкалаган сөөктөрүм сүйүнөт.

11 Күнөөлөрүмдөн жүзүңдү бур, менин кылмыштарымдын баарын өчүр.

12 Кудайым, таза жүрөк жарат, рухумду жаңыла.

13 Менден жүзүңдү бурба, менден Өзүңдүн Ыйык Рухуңду алба.

14 Мага Өзүңдүн куткаруу кубанычыңды кайтарып бер, бийлиги бар Рухуң менен мени бекемде.

15 Мыйзамсыздарга Сенин жолуңду үйрөтөм, ошондо кудайсыздар Сага кайрылышат.

16 Кудайым, куткаруучу Кудайым, мени кандан куткар, менин тилим Сенин адилеттигиңди даңазалайт.

17 Теңир! Менин оозумду ач, ошондо менин оозум Сенин даңкыңды жар салат.

18 Анткени Сен курмандыкты каалабайсың, мен аны берер элем. Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты жактырбайсың.

19 Чын жүрөктөн өкүнүү – Кудай алдында курмандык. Сен өкүнүп, моюн сунган жүрөктү жек көрбөйсүң.

20 Өз ырайымың менен Сионго ырайым кыл. Иерусалим дубалдарын кайра тургуз.

21 Ошондо адилеттик курмандыктары, тартуулар, бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктар Сага жагымдуу болот. Ошондо Сенин курмандык чалынуучу жайыңда букачарларды курмандыкка чалышат.

## 51-ЗАБУР

###### Кудайдын соту жана ырайымы

1 Ырчылар тобунун башчысына.

2 Эдомдук Дойек Шабулга келип: «Дөөт Акимелектин үйүнө келди», – деп билдиргенден кийинки Дөөттүн үйрөтүүсү.

3 Зулум адам, эмнеге сен кыянат ишиң менен мактанып жатасың? Кудайдын ырайымы дайыма мени менен.

4 Тилиң өлүмдү тилеп жатат, жаман ойлуу, сенин тилиң курч устарадай.

5 Сен жакшылык кылганга караганда, жамандык кылганды жакшы көрөсүң, чындыкка караганда калп айтканды жакшы көрөсүң.

6 Адамды өлтүрө турган ар кандай сөздөрдү, жалган сүйлөгөндү жакшы көрөсүң.

7 Ошон үчүн Кудай сени таптакыр кыйратат, сени өзүңдүн турак-жайыңдан, тамырыңды тирүүлөр жашаган жерден сууруп алып ыргытат.

8 Адил адамдар көрүп коркуп калышат. Сага күлүп, мындай дешет:

9 «Мына бул адам Кудайга таянган эмес, тескерисинче, байлыгынын молдугуна таянган, кыянат иштери менен күч алган».

10 Мен болсо Кудайдын үйүндөгү көгөрүп турган зайтун дарагындаймын. Кудайдын ырайымына ар дайым таянам.

11 Кылган иштериң үчүн мен Сени түбөлүккө даңктайм жана Сенин ысымыңа таянам, анткени ыйыктарыңдын алдында Сенин ысымың жакшы.

## 52-ЗАБУР

#### Адамдардын акылсыздыгы жөнүндө

1 Ырчылар тобунун башчысына. Үйлөмө аспап менен. Дөөттүн үйрөтүүсү.

2 Акылсыз өз жүрөгүндө: «Кудай жок», – дейт. Алар бузулуп, жийиркеничтүү кылмыштарды кылышты. Жакшылык кылган бир да адам жок.

3 Кудайды издеген акылдуу адам барбы же жокпу, көрүш үчүн, Кудай асмандан адам баласын карады.

4 Бардыгы жолдон чыгышты, бардыгы бирдей жараксыз болуп калышты. Жакшылык кылган адам жок, бирөө да жок.

5 Мыйзамсыз иш кылгандар, менин элимди нандай жегендер, Кудайды чакырбагандар, чын эле, акылына келишпейби?

6 Алар коркунуч жок жерде коркушат, анткени Кудай сага каршы чыккандардын сөөктөрүн чачат. Сен аларды уяткарасың, анткени Кудай аларды четке каккан.

7 Ким Сион тоосунан Ысрайылды куткарат? Кудай Өз элин туткундан өз жерине кайра алып келгенде, Жакып кубанат, Ысрайыл шаттанат.

## 53-ЗАБУР

#### Душмандардан коргоосун сурап Кудайга сыйынуу

1 Ырчылар тобунун башчысына. Кыл аспаптар менен.

2 Зуптуктар Шабулга келип: «Дөөт биздин жерде жашынып жатат», – дешкенден кийинки Дөөттүн үйрөтүүсү.

3 Кудай! Мени Өзүңдүн ысымың үчүн сакта, мага Өзүңдүн күчүң менен өкүм чыгар.

4 Кудай! Менин сыйынуумду ук, менин оозуман чыккан сөздөргө кулак сал.

5 Анткени жат эл мага каршы чыкты, зулумдар мени өлтүрүүнү каалап жатышат. Алар Кудайдын алдына келүүнү каалашпайт.

6 Кудай менин жардам берүүчүм. Теңир менин жаныма күч берет.

7 Ал менин душмандарымды кыянаттыгы үчүн жазалайт. Аларды Өз чындыгың менен кырып сал.

8 Мен Сага чын жүрөктөн курмандык чалам. Сенин ысымыңды даңктайм, Теңир, анткени Сенин ысымың жакшы.

9 Анткени Сен мени бардык кайгыдан куткардың, көздөрүм душмандарыма тике карады.

## 54-ЗАБУР

###### Достору сатып кеткен адамдын сыйынуусу

1 Ырчылар тобунун башчысына. Кыл аспаптар менен. Дөөттүн үйрөтүүсү.

2 Оо Кудай, менин сыйынуумду ук, менин жалбарган үнүмдү укпай койбо.

3 Мени тыңша, мага кулак сал. Кайгыдан кыйналып онтоп жатам,

4 душмандын үнүнөн, кудайсыздын кысымынан коркуп жатам. Анткени алар мага каршы мыйзамсыз иштерди жасап жатышат, каарданып, кастык кылып жатышат.

5 Жүрөгүм титиреп жатат, мени өлүм коркунучу каптады.

6 Мени коркунуч менен калтырак басты, үрөйдү учурган коркунуч каптады.

7 Ошондо мен мындай дедим: «Ким мага көгүчкөндүкүндөй канат берет? Мен учуп чыгып, тынч алар элем.

8 Алыска учуп кетип, ээн чөлдө жашар элем.

9 Куюндан, бороондон жашынганга шашылар элем».

10 Теңир, аларды талкала, аларды ар кандай тилдерге бөл, анткени мен шаарда болуп жаткан зордук-зомбулукту, чыр-чатакты көрүп жатам.

11 Алар күн-түн дебей, шаар дубалдарын айланып жүрүшөт. Шаар ичинде – кыянатчылык менен кыйынчылык.

12 Анын дал ортосунда – бүлгүн-чапкын. Шаардын көчөлөрүнөн алдамчылык менен эки жүздүүлүк кетпейт.

13 Анткени мени шылдыңдап жаткан адам душманым эмес, аны мен көтөрмөкмүн. Мага менменсинип жаткан адам мени жек көргөн адам эмес, андан мен качып кутулмакмын:

14 бирок ошол сенсиң, жандай көргөн досум, жакын адамым.

15 Сен экөөбүз чын жүрөктөн сырдашчу элек, Кудайдын үйүнө бирге барчу элек.

16 Алардын түбүнө өлүм жетсин, алар өлгөндөр жаткан жайга тирүүлөй түшсүн, анткени алардын үйүндө, алардын арасында кыянаттык бар.

17 Ал эми мен Кудайды чакырам, ошондо Теңир мени куткарат.

18 Эртең менен да, түштө да, кечинде да жалынып жалбарам, ошондо Ал менин үнүмдү угат.

19 Ким менин жанымды мага каршы чыккандардан тынчтык менен куткарат, анткени мага каршылар көп.

20 Кылымдардан бери тактыда отурган Кудай угуп, аларды моюн сундурат, анткени аларда эч өзгөрүү жок, алар Кудайдан коркушпайт.

21 Алар өздөрү менен тынч жашагандарга кол салып, өздөрүнүн келишимин бузушту.

22 Алардын ооздору майдан да жумшак, бирок жүрөктөрүндө – кастык. Сөздөрү зайтун майынан да жумшак, бирок өздөрү – кындан суурулган кылыч.

23 Өз түйшүктөрүңдү Теңирге тапшыр, ошондо Ал сени колдойт. Ал адилеттүү адамдын олку-солку болуусуна эч качан жол бербейт.

24 Кудайым, Сен аларды өлүм оруна түшүрөсүң, канкорлор менен кара ниеттер өмүрүнүн жарымын да жашабайт. Ал эми мен, Теңир, Сага гана таянам.

## 55-ЗАБУР

###### Кудайга таянуу сыйынуусу

1 Ырчылар тобунун башчысына. Жат элдин арасында үндөбөгөн көгүчкөн жөнүндө. Дөөттүн пелиштиликтер Гатта кармап алганда жазган жазуусу.

2 Ырайым кыл мага, Кудайым! Анткени мени жуткусу келген адам күнүгө мага кол салып, кысымга алып жатат.

3 Мени душмандарым жуткусу келип, ар күнү издеп жүрүшөт. Анткени мага каршылар өтө көп, кудуреттүү Теңир!

4 Мени коркунуч басканда, Сага таянам.

5 Мен Кудайды сөзү үчүн даңктайм. Кудайга таянам, коркпойм. Адам мага эмне кыла алат?

6 Ар күнү менин сөздөрүмдү тескери буруп алышат; алар мага каршы жамандык ойлошот:

7 топтошуп, бекинип, менин жанымды тузакка түшүрүш үчүн, баскан изимди аңдышат.

8 Кантип эле алар өздөрүнүн жалган иштери үчүн жазадан кутулуп кетишсин? Кудай, каарың менен бул элдерди талкала.

9 Менин жер кезип жүргөн күндөрүм Сенде эсептелүү. Көз жашымды Өз идишиңе куй. Алар Сенин китебиңде жазылган эмеспи?

10 Мен Сени чакырганда, душмандарым артына качышат. Кудай мен тарапта экенин ошондон билем.

11 Мен Кудайды сөзү үчүн даңктайм, мен Теңирди сөзү үчүн даңктайм.

12 Кудайга таянам, коркпойм. Адам мага эмне кыла алат?

13 Сага берген убадаларымды аткарам, Кудайым; Сага ыраазычылыгымды билдирем,

14 анткени Сен менин жанымды өлүмдөн куткардың, Кудайдын алдында, тирүүлөрдүн арасында жүрүшүм үчүн, бутумду да мүдүрүлткөн жоксуң.

## 56-ЗАБУР

###### Кудайдан жардам сурап сыйынуу

1 Ырчылар тобунун башчысына. Жок кылба. Дөөттүн Шабулдан үңкүргө качып барганда жазган жазуусу.

2 Ырайым кыл мага, Кудайым, ырайым кыл мага, анткени менин жаным Сага таянат, кыйынчылык артта калганга чейин Сенин канатыңа корголой турайын.

3 Мага ырайым кылуучу Кудайды, бардыгынан жогору турган Кудайды, чакырып жатам.

4 Ал асмандан жардам жиберип, мени куткарат. Мени жутам деп издеп жүргөндү уятка калтырат. Кудай Өз ырайымын жана чындыгын жиберет.

5 Менин жаным арстандардын арасында. Мен оозунан жалындаган от чыккандардын арасында, тиштери жебе менен найза болгон, тилдери жалаңдаган кылыч болгон адамдардын арасында жатам.

6 Кудайым, даңкың асмандан да жогору көтөрүлсүн, Сенин даңкың бүт жер үстүндө болсун!

7 Менин бутума тузак даярдап коюшту; жаным кыйналды. Алдыма аң казышты, бирок ага өздөрү түшүп калышты.

8 Жүрөгүм даяр, Кудайым, жүрөгүм даяр: ырдаймын да даңктаймын.

9 Ойгон, даңкым, арфа менен гусли, ойгон! Мен эрте турам.

10 Теңирим, Сени элдердин арасында даңазалайм, Сени уруулар арасында даңктап ырдайм.

11 Анткени Сенин ырайымың асманга чейин жетет, Сенин чындыгың булуттарга чейин жетет.

12 Кудайым, даңкың асмандан да жогору көтөрүлсүн, Сенин даңкың бүт жер үстүндө болсун!

## 57-ЗАБУР

**Мыйзамсыздарды жазалоосун сурап Кудайга сыйынуу**

1 Ырчылар тобунун башчысына. Жок кылба. Дөөттүн жазуусу.

2 Чыны менен эле, чындыкты айтып жатасыңарбы, силер, соттор; адилет соттоп жатасыңарбы, адам уулдары?

3 Жүрөгүңөрдө мыйзамсыздык кылып жатасыңар, жерде колуңар менен кылган кыянат иштерди таразага коюп жатасыңар.

4 Кудайсыздар төрөлгөндөн баштап эле түз жолдон чыгышат, энесинин курсагынан чыккандан тартып эле жалган айтып адашышат.

5 Алардын уусу жыландын уусундай, кулагын жаап алган керең, уулуу жыландын уусундай.

6 Ал арбоочунун сөздөрүн, эң эле мыкты арбоочунун арбоосун да укпайт.

7 Кудай! Алардын оозундагы тиштерин талкала, арстандардын жаактарын сындыр, Теңир!

8 Алар агын суудай агып жок болушсун, алар сынган жебелерге окшоп калышсын.

9 Үлүлдөй болуп бараткан жеринен жок болушсун, бойдон түшкөн баладай, күндү көрбөй калышсын.

10 Казаныңар күйүп жаткан тикенектин табын сезгенче, анын күйбөгөнүн да, күйгөнүн да куюн учуруп кетсин.

11 Кудайдын алардан өч алганын көргөндө, адил адам кубанат, буттарын кудайсыздардын канына жууйт.

12 Ошондо адам: «Чыны менен эле, адил адам өз жемишин алат! Жер үстүндө жазалай турган Кудай бар!» – дейт.

**58-ЗАБУР**

**Куткаруусун сурап Кудайга сыйынуу**

1 Ырчылар тобунун башчысына. Жок кылба. Шабул Дөөттү өлтүрүү үчүн, үйүн кароолго алган учурда Дөөттүн жазган жазуусу.

2 Оо Кудай! Мени душмандарымдан куткар, мага каршы чыккандардан корго!

3 Мени мыйзамсыз иш кылгандардан куткар, канкорлордон сакта.

4 Анткени, мына, алар мени өлтүргүсү келип аңдып жүрүшөт, зулумдар мага каршы топтолуп жатышат. Бул менин кылмышым үчүн эмес, менин күнөөм үчүн эмес, Теңир.

5 Мен күнөөсүз болсом деле топтошуп, куралданып жатышат. Мага жардам берүүгө кел, назарыңды сал.

6 Сен, Теңир, Себайот Кудайсың, Ысрайылдын Кудайысың, бардык элдерди жазалоого аттан, мыйзамсыз иш кылган кудайсыздардын бирин да аяба.

7 Кечинде алар кайрадан келишет, иттердей улуп, шаарды тегеренип жүрүшөт.

8 Мына, алар оозу менен жаман сөздөрдү кусуп жатышат, алардын оозунда кылычтары бар. Алар: «Ким укмак эле?» – деп ойлошот.

9 Бирок Сен, Теңир, аларды күлкү кыласың, ал элдердин баарын уят кыласың.

10 Алардын күчү бар, бирок мен Өзүңө чуркайм, анткени Кудай менин тирегим.

11 Мага ырайым көрсөткөн Кудай мени алдыман тосуп чыгат. Кудай мени душмандарымды коркпой карагыдай кылат.

12 Элим унутуп калбашы үчүн, аларды өлтүрбө. Аларды Өз күчүң менен таркатып жибер, аларды кулат, Теңир, биздин калканыбыз.

13 Алар тилдеринин күнөөсү үчүн, ооздорунан чыккан сөздөрү үчүн, өздөрүнүн текебердиги менен берген анты үчүн, айткан калпы үчүн колго түшүшсүн.

14 Каарың менен чачып жибер, аларды чачып жибер, алар жок болушсун. Кудай Жакыптын үстүнөн бийлик жүргүзөрүн төгөрөктүн төрт бурчу билсин.

15 Алар кечинде кайрылып келип, иттердей улуп, шаарды тегеренип жүрүшсүн.

16 Тамак издеп тентип жүрүшсүн, түндөрдү ачка өткөрүшсүн.

17 Мен болсо Сенин кудуретиңди мактап ырдайм, Сенин ырайымыңды таң азандан жар салам, анткени башыма кыйынчылык түшкөн күнү Сен мага тирек, баш калкалар жай болдуң.

18 Менин Күчүм! Сени даңктап ырдайм, анткени Кудай менин тирегим, мага ырайым кылган Кудайым.

## 59-ЗАБУР

###### Ысрайылды куткаруусун сурап Кудайга сыйынуу

1 Ырчылар тобунун башчысына. Шушан-Эдут күү аспабы менен. Үйрөнүү үчүн Дөөттүн жазуусу.

2 Дөөттүн месопотамиялык Сирия жана собалык Сирия менен согушкандагы, Жойап кайрылып келе жатып, Туздуу өрөөнүндө он эки миң эдомдукту кыйратканда жазган жазуусу.

3 Оо Кудай! Сен бизди четке кактың, бизди талкаладың, бизге каардандың. Эми бизди кайра тургуз.

4 Сен жерди титиретип, жарака кетирдиң. Анын бузулган жерлерин айыктыр, анткени ал титиреп жатат.

5 Сен Өз элиңдин башынан оор күндөрдү өткөрүүсүнө жол бердиң, бизди баш айланта турган шарабыңа тойгуздуң.

6 Кудайдан корккондорго тууңду бер, алар аны чындык үчүн көтөрсүн.

7 Сенин жакшы көргөндөрүң куткарылсын. Мени Өзүңдүн оң колуң менен куткар, мени ук.

8 Кудай Өзүнүн ыйык жайында мындай деди: «Жеңишке жетем, Шекемди бөлөм, Сукот өрөөнүн өлчөйм.

9 Гилат да, Менаше да Меники, Эпрайым – Менин башымдагы туулга, Жүйүт Менин бийлик таягым.

10 Маап Менин жууна турган чылапчыным. Эдомго өтүгүмдү сунам. Пелишти жерин жеңип, салтанат менен чыгам!»

11 Ким мени бекем чептүү шаарга киргизет? Ким мени Эдомго жеткирет?

12 Кудайым, Сен бизди таштап койдуңбу? Кудайым, биздин аскерлер менен согушка чыкпайсыңбы?

13 Бизге кысталышта жардам бер, анткени адамдын жардамы – курулай убаракерчилик.

14 Кудай менен күчтүүбүз, Ал душмандарыбызды кулатат.

## 60-ЗАБУР

#### Кудайдан күч-кубат сурап сыйынуу

1 Ырчылар тобунун башчысына. Кыл аспап менен. Дөөттүкү.

2 Кудай, менин зар-муңума кулак сал, сыйынуумду ук.

3 Жүрөгүм кайгыга чөгүп жаткандыктан, мен Сени жердин түбүнөн чакырып жатам. Мени өзүм чыга албай турган аскага чыгар.

4 Анткени Сен менин баш калкалар жайымсың, Сен менин душмандан коргогон бекем мунарамсың.

5 Мен Сенин үйүңдө түбөлүк жашайын, Сенин канатыңдын астында тынч алайын.

6 Анткени Сен, Кудайым, менин убадаларымды уккансың, Сенин ысымыңдан корккондорго үлүш бергенсиң.

7 Падышанын күндөрүнө күн кош, анын жылдарын муундан муунга улант.

8 Ал Кудайдын алдында түбөлүк болсун. Аны Өзүңдүн ырайымың жана чындыгың менен сакта.

9 Ошондо мен Сенин ысымыңды түбөлүккө даңктап ырдайм, убадаларымды күн сайын аткарам.

## 61-ЗАБУР

#### Кудайга таянуу

1 Жедутундуку боюнча. Ырчылар тобунун башчысына. Дөөттүн забуру.

2 Менин жаным Кудайдан гана тынчтык табат. Мени Ал гана куткарат.

3 Бир гана Ал менин чебим, куткаруучум, тирегим, ошондуктан мен жыгылбайм.

4 Качанкыга чейин жалгыз адамды куугунтуктай бересиңер? Баарыңар урайын деп калган дубалга, кыйшайып калган тосмого окшоп жерге кулайсыңар.

5 Алар аны тактыдан кулатууну ойлоп, жалаа жабышты. Алар оозу менен бата беришет, бирок жүрөгүндө каргашат.

6 Жаным, Кудайдан гана тынчтык тап! Анткени мен бир гана Андан үмүт кылам.

7 Бир гана Ал менин чебим, куткаруучум, тирегим, ошондуктан мен жыгылбайм.

8 Менин куткарылуум да, даңкым да Кудай. Менин бекем чебим да, баш калкалар жайым да Кудай.

9 Адамдар! Ар убакта Кудайдан үмүттөнгүлө. Жүрөгүңөрдөгүнү Анын алдына төккүлө, анткени Кудай биздин баш калкалар жайыбыз.

10 Адам уулдары – болгону, жел; атактуу адамдар – закым. Эгерде аларды таразага тартса, баары биригип желден жеңил.

11 Талоончулукка таянбагыла, уурдап алганыңар менен менменсинбегиле. Байлыгыңар көбөйгөн сайын, жүрөгүңөр байлыкка байланбасын.

12 Кудай мага бир жолу айтты, мен эки нерсени: күч Кудайда экенин,

13 ырайым да Сенде экенин уктум, Теңир, анткени Сен ар бир адамга ишине жараша тиешелүүсүн бересиң.

## 62-ЗАБУР

###### Кудай менен сүйлөшүүнү эңсөө

1 Дөөттүн Жүйүт чөлүндө жүргөндөгү забуру.

2 Кудай! Сен менин Кудайымсың, Сени таң сүргөндөн баштап эле издей баштайм. Менин жаным Сени эңсейт, какшыган, суусуз ээн жерде денем Сени көксөйт.

3 Сенин күчүң менен даңкыңды көрүү үчүн, мен Сени ыйык жайда карадым.

4 Анткени өмүргө караганда Сенин ырайымың артык, оозум Сени даңктайт.

5 Сени өмүрүм өткөнчө ушинтип мактайм. Сенин ысымың үчүн колумду жогору көтөрөм.

6 Төшөгүмдө жатып Сени эстегенде, түн ичинде Сен жөнүндө ойлогондо,

7 менин жаным майга жана зайтун майына тойгонсуп, оозум Сени кубанычтуу үн менен даңктайт.

8 Анткени Сен менин жардам берүүчүмсүң, мен Сенин канатыңдын далдаасында шаттанам.

9 Жаным Сага байланды. Сенин оң колуң мени колдоп турат.

10 Ал эми мени өлтүргүсү келгендер өлгөндөр жаткан жайга түшүшөт.

11 Аларды кылычтап өлтүрүшөт, алар чөөлөргө жем болушат.

12 Падыша болсо Кудайдан кубаныч алат, Кудай менен ант бергендер даңкталышат, анткени жалган сүйлөгөндөрдүн жаагы жап болот.

## 63-ЗАБУР

###### Жашыруун душмандардан куткаруусун сурап Кудайга сыйынуу

1 Ырчылар тобунун башчысына. Дөөттүн забуру.

2 Кудай, сыйынуумду ук, өмүрүмдү душмандын коркутуусунан сакта!

3 Мени бузукулардын арам ойлорунан, зулумдардын козголоңунан жашыр.

4 Алар тилдерин кылычтай курчутуп, заар сөздөрүн жебедей тартып турушат.

5 Күнөөсүздү жашыруун атып өлтүрүшөт, аны күтүлбөгөн жерден атышат, коркуп да коюшпайт.

6 Алар арам ойлорун ишке ашыруу үчүн бекем турушат, жашыруун тузак салууну кеңешишет. «Ким көрмөк эле?» – дешет.

7 Жалган нерселерди ойлоп таап, талдоо артынан талдоо жүргүзүп, атүгүл, адамдын ички дүйнөсүнө чейин, жүрөгүнүн түпкүрүнө чейин изилдешет.

8 Бирок Кудай аларды жебе менен кыйратат. Алар күтүлбөгөн жерден өлүшөт.

9 Алар өздөрүнүн тили менен өздөрүн кыйратышат. Аларды көргөндөрдүн баары качып кетишет.

10 Адамдардын баары коркуп, Кудайдын иштерин жарыя кылышат, бул Анын иши экенин түшүнүшөт.

11 Ал эми адил адам Теңирден кубаныч алат, Андан баш калкалар жай табат. Жүрөгү тазалардын баары Аны менен мактанышат.

## 64-ЗАБУР

###### Асман менен жерден алган белектер үчүн Кудайга ыраазычылык билдирүү

1 Ырчылар тобунун башчысына. Ырдоо үчүн Дөөттүн забуру.

2 Кудайым, Сиондогу даңк Сага таандык, Иерусалимде Сага убада беришет.

3 Сен сыйынууну угасың, ар бир адам Сага чуркайт.

4 Мыйзамсыз иштер мени кыйнап жатат. Кылмыштарыбызды Сен Өзүң тазалайсың.

5 Сен тандап алган, Өзүңдүн короондо жашашы үчүн, Өзүңө жакындаткан адам бактылуу. Биз Сенин үйүңдүн, Сенин ыйык ийбадатканаңдын баталарына тоёбуз.

6 Адилет сотто коркунучтуу болгон Кудай, бизге кулак сал. Биздин Куткаруучубуз, төгөрөктүн төрт бурчунун, алыскы деңиздегилердин таянычы Сенсиң.

7 Өз күчү менен тоолорду тургузган, кудурет менен курчанган,

8 деңиздердин шоокумун, алардын толкундарын, элдердин козголоңдорун токтоткон Сенсиң!

9 Сенин жышаандарыңдан бүт жер жүзүндө жашагандар коркушат. Эртең менен да, кечинде да Өзүң даңкталасың.

10 Жерге түшүп, анын суусунун кандырасың, аны мол түшүмгө байытасың. Сенин дарыяларың сууларга толгон, жерден дан бересиң, анткени жерди ошондой кылып жаратkaнсың.

11 Анын бороздорун кандырасың, өңгүл-дөңгүл жерлерин түздөйсүң, жамгыр суусу менен жибитесиң, өсүмдүктөрүңө батаңды бересиң.

12 Жылды берекеңе бөлөйсүң, Сен баскан жерлерден май төгүлүп турат.

13 Чөлдөрүңөн май төгүлөт, адырлар кубанычка бөлөнүшөт.

14 Жайыттар малга, өрөөндөр данга толуп, бардыгы шаттанып ырдашат.

## 65-ЗАБУР

###### Кудайга ыраазычылык билдирүү жана Аны даңктоо

1 Ырчылар тобунун башчысына. Ыр. Забур. Бүт жер жүзү, Кудайды даңазала!

2 Анын ысымын даңктап ырда, Аны даңкта, макта.

3 Кудайга мындай дегиле: «Сенин иштериң кандай коркунучтуу! Сенин күчүң зор, ошондуктан Сага душмандарың багынат.

4 Бүт жер жүзү Сага таазим кылып, Сени мактап ырдасын, Сенин ысымыңды даңктап ырдасын».

5 Келгиле, Кудайдын иштерин көргүлө, Анын адам баласына кылган иштери коркунучтуу.

6 Ал деңизди кургактыкка айлантты. Дарыядан жөө өтүштү. Ошол жерде биз Аны менен кубангандыз.

7 Ал Өз кудурети менен түбөлүк бийлик жүргүзөт. Анын көздөрү элдерди карап турат, козголоңчулар көтөрүлүшпөсүн.

8 Элдер, биздин Кудайды даңктагыла, Анын даңкын жар салгыла.

9 Ал биздин өмүрүбүздү сактап калды, бутубуздун тайышына жол берген жок.

10 Кудай, Сен бизди сынадың, бизди күмүштү эриткендей эриттиң.

11 Сен бизге тузак тарттың, башыбызга алаамат түшүрдүң.

12 Адамдарды башыбызга чыгардың. Биз отко да, сууга да кирдик, анан Сен бизди азаттыкка алып чыктың.

13 Мен Сенин үйүңө бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктар менен кирип, Сага берген убадаларымды аткарам.

14 Алар менин башыма кыйынчылык түшкөндө, өз оозумдан чыккан, аларды мен өз тилим менен айткам.

15 Кочкорлордун майларын өрттөп, мен Сага бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык чалам, өгүздөр менен текелерди курмандыкка чалам.

16 Кудайдан корккондор, баарыңар келип уккула, Ал менин жаным үчүн эмне кылгандыгын силерге жарыя кылам.

17 Мен Аны өз оозум менен чакыргам, Аны өз тилим менен мактагам.

18 Эгерде мен жүрөгүмдөн мыйзамсыздыкты көргөн болсом, анда Теңир мени укмак эмес.

19 Бирок Кудай укту, менин жалынган үнүмө кулак салды.

20 Менин сыйынуумду четке какпаган, мени Өз ырайымынан ажыратпаган Кудайга алкыш!

## 66-ЗАБУР

**Бардык элдер үчүн сыйынуу**

1 Ырчылар тобунун башчысына. Кыл аспаптар менен. Забур. Ыр.

2 Кудай! Бизге ырайымдуу бол, бизге батаңды бер, бизди Өз жүзүң менен жарык кыл.

3 Бүт жер жүзү Сенин жолуңду таанып билсин, бардык элдер Сенин куткарууңду көрүшсүн.

4 Кудайым, Сени элдер даңктасын, Сени бардык элдер даңктасын!

5 Уруулар кубанып шаттансын! Анткени Сен элдерди адилет соттоп, бүт жер жүзүндөгү элдерди башкарасың.

6 Кудайым, Сени элдер даңктасын, Сени бардык элдер даңктасын!

7 Жер өз жемишин берди: Кудай, биздин Кудай, бизге батасын берсин.

8 Бизге Кудай батасын берсин, бүт жер жүзү Кудайдан корксун!

## 67-ЗАБУР

**Жеңиш ыры**

1 Ырчылар тобунун башчысына. Дөөттүн забуру. Ыр.

2 Кудай ордунан турсун, Анын душмандары чабылып-чачылсын, Аны жек көргөндөр Анын жүзүнөн качсын!

3 Аларды түтүн тарагандай тарат. Кудайсыздар Сенин жүзүңдөн отто эриген момдой эрип жок болушсун.

4 Ал эми адил адамдар Кудай алдында шаттыкка бөлөнүшсүн, жеңишке жетип кубанышсын.

5 Биздин Кудайга ырдагыла, Анын ысымын мактап ырдагыла, асмандан салтанат менен Келе Жатканды даңктагыла! Анын ысымы – Жахаба. Анын алдында шаттангыла!

6 Өзүнүн ыйык жайындагы Кудай – жетимдердин Атасы, жесирлердин коргоочусу.

7 Кудай жалгыздарды үйгө киргизет, туткундарды кишенден бошотот, ал эми баш ийбегендер ысык чөлдө калат.

8 Кудайым! Сен Өз элиңдин алдына чыкканда, Сен чөлдө салтанат менен бара жатканда,

9 жер титиреген, ал тургай, Сенин жүзүңдөн асман эриген, мына бул Синай тоосу да Ысрайыл Кудайы болгон Сенин жүзүңдөн эриген.

10 Оо Кудай, Сен Өз мурасыңа жамгырды мол жаадыргансың, ал жумуштан алсыраганда, Өзүң күч берип тургансың.

11 Сенин элиң ал жерде жашаган. Кудайым, Сен Өз ырайымың менен жардыга керектүүсүн берип тургансың.

12 Теңир сөз айтат, аны көп адамдар жар салат.

13 Кошуундардын падышалары качып бара жатышат, ал эми үйдө отурган аял олжону бөлүп жатат.

14 Өз үлүшүңөргө тийген жерлерге отурукташып, канаты күмүш, жүндөрү таза алтын көгүчкөнгө окшоп калдыңар.

15 Кудуреттүү Кудай бул жерге падышаларды чачып жибергенде, жер Салмон тоолорундагы кардай агарды.

16 Кудайдын тоосу – Башан тоосу! Бийик тоо – Башан тоосу!

17 Бийик тоолор, Кудай Өзү жашагысы келген, Теңир Өзү түбөлүк жашай турган тоого эмне үчүн көз артып жатасыңар?

18 Кудайдын арабалары миң-миңдеп саналат, сан жеткис. Теңир алардын арасында, Синайдагы ыйык жайда.

19 Сен бийиктикке чыктың, туткундоону туткундадың, адамдар үчүн тартууларды алдың. Кудай-Теңирге каршы чыккандар да Ага табынышат.

20 Ар күнү Теңир даңкталсын. Кудай биздин башыбызга кыйынчылык салат, бирок кайра эле Өзү куткарат.

21 Кудай биз үчүн – куткаруучу Кудай, өлүм күчтөрү бардыгын кармап туруучу Теңирдин бийлиги астында.

22 Бирок Кудай Өз душмандарынын башын талкалайт, мыйзамсыз иш кылууну адат кылып алган адамдардын чачтуу төбөсүн талкалайт.

23 Теңир мындай деди: «Мен аларды Башан тоосунан кайра алып келем, деңиз түбүнөн кайра чыгарып алам.

24 Сен бутуңду душмандарыңдын канына маласың, иттериң алардын канын жалашат».

25 Кудайым, алар Сенин салтанат менен келе жатканыңды, алар менин Кудайымдын, Падышамдын ыйык жайга салтанат менен келе жатканын көрүшкөн.

26 Алды жакта ырдагандар, арт жакта ар кандай аспап черткендер, ал эми ортодо кыздар дап кагып келе жатышты:

27 «Ысрайыл уруусунан тарагандар, жыйындарда Кудай-Теңирди даңктагыла!»

28 Ал жерде кенже Бенжемин – алардын төрөсү. Жүйүт төрөлөрү, Забулун төрөлөрү, Напталы төрөлөрү – алардын өкүмдарлары.

29 Сенин Кудайың сага күч берди. Кудайым, Сен биз үчүн эмне кылсаң, ошону бекемде!

30 Сенин Иерусалимдеги ийбадатканаң үчүн падышалар Сага тартууларды алып келишет.

31 Камыштын арасында жашаган жырткычты, элдин букачарларынын арасында куйма күмүштөрү менен мактанган өгүздөрдү баш ийдир. Согушту каалаган элдерди чачыратып жибер.

32 Мисирден мырзалар келишет. Эфиопия колдорун Кудайга созот.

33 Жердеги падышачылыктар! Кудайга ырдагыла, Теңирди даңктап ырдагыла.

34 Асмандын асманында кылымдан кылымга салтанат менен жүргөн Кудайды даңктагыла! Мына, Ал Өз үнүн катуу чыгарып жатат.

35 Кудайды даңктагыла! Анын улуулугу Ысрайылдын үстүндө, Анын кудуреттүүлүгү булуттардын үстүндө.

36 Кудайым, Сен Өзүңдүн ыйык жайыңда коркунучтуусуң. Ысрайыл Кудайы Өз элине күч-кубат берет. Кудайга даңк!

## 68-ЗАБУР

**Кайгыга батканда, Кудайдан жардам сурап сыйынуу**

1 Ырчылар тобунун башчысына. Шошаним күү аспабы менен. Дөөттүн забуру.

2 Кудай, мени куткар, анткени суулар менин жаныма чейин жетти.

3 Мен терең сазга батып калдым, бут коёрго жер жок. Суунун терең жерине кирдим, суунун шар агымы мени аласалдырып бара жатат.

4 Жардам сурагандан чарчадым, тамагым да кургап калды, Кудайымды күтө берип, көзүм талыды.

5 Мени себепсиз эле жек көргөндөр башымдагы чачымдан көп. Мени адилетсиз куугунтукка алган душмандарым күчөп кетти, мен алардын эч нерсесин тартып албасам да беришим керек экен.

6 Оо Кудай! Сен менин акылсыздыгымды билесиң, менин күнөөм Сенден жашыруун эмес.

7 Теңирим, Себайот Кудай, Сенден үмүт кылгандардын баары мен үчүн уят болушпасын. Ысрайыл Кудайы, Сени издегендер мен үчүн шылдың болушпасын.

8 Анткени мен Сен үчүн жаманатты болуп жатам, бетиме көө жаап жатышат.

9 Өз бир туугандарыма жат киши болуп калдым, өз энемдин балдарына бөтөн болуп калдым.

10 Анткени Сенин үйүңө болгон кызганыч мени жеп жатат, Сага тил тийгизгендердин суук тили мага тийип жатат.

11 Мен ыйлап орозо кармадым. Ушул үчүн да мени жамандап тилдешет.

12 Кийим ордуна зумбал кийсем, алар мени лакап кылып алышты.

13 Дарбаза жанында отургандар мени кеп кылып жатышат, шарап ичип отургандар мени ырга кошуп ырдап жатышат.

14 Бирок, Теңирим, мен Сага сыйынам. Кудайым, мени жакшы убакта Өзүңдүн эбегейсиз ырайымың менен, куткаруучу чындыгың менен ук!

15 Чөгүп кетпейин, мени сормо саздан сууруп чык. Жек көргөндөрдөн жана терең суулардан кутулайын.

16 Мени суу ташкыны агызып кетпесин, суунун ирими мени жутуп албасын, үстүмдөгү туңгуюк өзүнүн оозун жаап салбасын.

17 Мага кулак сал, Теңирим, анткени Сенин ырайымың жакшы. Өзүңдүн улуу ырайымың менен мага назар сал.

18 Өз кулуңдан жүзүңдү жашырба, анткени мен кайгыга малындым. Мага кечиктирбей жооп бер.

19 Жаныма жакын кел, жанымды куткар. Мени душмандарым үчүн куткар.

20 Менин шылдың болгонумду, уят болгонумду, жаманатты болгонумду билесиң. Душмандарымдын баары Сага белгилүү.

21 Шылдың сөздөрү жүрөгүмдү оорутту, алсырап калдым. Бирөө кайгыма ортоктош болор бекен деп күттүм, бирок андай болбоду; сооротуучуларды күттүм, бирок таба албадым.

22 Тамакка өт кошуп беришти, суусаганымда, ачуу ичимдик ичиришти.

23 Дасторкону өздөрүнө тор болсун, тынч өткөргөн тойлору өздөрүнө тузак болсун.

24 Алардын көздөрү караңгылап көрбөй калсын, алардын белин түбөлүккө алсырат.

25 Аларга каарыңды төк, аларды каарыңдын жалыны каптасын.

26 Үйлөрү аңгырап бош калсын, чатырларында эч ким жашабасын.

27 Анткени Сен жарадар кылганды алар да куугунтукка алышат. Сен жаралагандардын азаптарын арбытып жатышат.

28 Алардын күнөөсүнө күнөө кош, Сен аларды актаба.

29 Алар тирүүлөрдүн китебинен өчүрүлсүн, алардын аты адил адамдардын аттары менен бирге жазылбасын.

30 Мен болсо жардымын, азап тартып жатам, Кудайым, Сен мага жардам берип бекемде.

31 Мен өз Кудайымдын ысымын даңктап ырдайм, Аны даңазалайм.

32 Бул өгүзгө караганда, мүйүздүү жана туяктуу букачарга караганда Теңирге көбүрөөк жагат.

33 Муну запкы тарткандар көрүп кубанышат. Кудайды издегендердин жүрөктөрү жанданат.

34 Анткени Теңир жакырларды угат, Өз туткундарын жек көрбөйт.

35 Аны асман менен жер, деңиз жана анда жашагандардын бардыгы даңктасын.

36 Анткени Кудай Сион тоосун куткарат, Жүйүт шаарларын кайра тургузат, ошондо алар ал жерлерге отурукташышат, ал жерлерди ээлеп алышат.

37 Анын кулдарынын укум-тукуму ал жерди мурастайт, Анын ысымын сүйгөндөр ал жерге отурукташышат.

## 69-ЗАБУР

#### Душмандардан куткаруусун сурап Кудайга сыйынуу

1 Ырчылар тобунун башчысына. Дөөттүн забуру. Эске түшүрүү үчүн.

2 Кудайым, мени куткарууга шашыл; Теңирим, мага жардамга шашыл!

3 Мени өлтүргүсү келгендер шылдың болушсун, уятка калышсын! Мага жамандык каалагандар артка качып, күлкү болушсун!

4 Мени: «Ии-и! Ии-и!» – деп табалагандар уят болуп, мени кордогону үчүн артка кайтышсын.

5 Сени издегендер, куткарууңду сүйгөндөр кубанып, шаттанып: «Кудай улуу!» – деп, дайыма айтышсын.

6 Мен болсо жардымын жана жакырмын. Кудай, мага шашыл! Сен менин жардам берүүчүмсүң, куткаруучумсуң. Оо Теңир! Кечиктирбей кел!

## 70-ЗАБУР

###### Карыганда коргоосун сурап Кудайга сыйынуу

1 Мен Сага таянам, Теңирим, түбөлүккө уятка калбайм.

2 Мени Өз адилеттигиң менен куткар, мени бошот. Мага кулак сал, мени куткарып кал.

3 Мен ар дайым жашына ала турган бекем чеп бол. Мени куткарууну Өзүң буйругансың, анткени Сен менин аска-зоомсуң, коргонор сепилимсиң.

4 Оо Кудай, мени кудайсыздын, мыйзамсыздын, тоноочунун колунан куткар.

5 Анткени Сен менин үмүтүмсүң, Теңирим, Кудайым, жаш кезимден бери Сен менин таянычымсың!

6 Энемдин курсагында жатканымда эле Сага таянчумун. Мени энемдин курсагынан Өзүң чыгардың. Сени тынбай даңктайм.

7 Көпчүлүк үчүн мен таң калтырарлык жан болдум, бирок Сен менин бекем үмүтүмсүң.

8 Сенин улуулугуңду ар күнү даңазалап ырдаш үчүн, оозум мактоо ырларына толсун.

9 Картайганымда, менден баш тартпа, алдан-күчтөн тайыганымда, мени таштап салба.

10 Анткени душмандарым мага каршы сүйлөшүшөт, мени өлтүргүсү келип аңдып тургандар өз ара кеңешип жатышат.

11 «Кудай аны таштап салды, артынан түшүп кармап алгыла, анткени анын куткаруучусу жок», – дешет.

12 Кудай! Менден алыстаба. Кудай! Мага тезирээк жардам бер.

13 Мага душман болгондор уятка калып жок болушсун. Мага жамандык издегендер шылдың болуп, абийири төгүлсүн.

14 Мен болсо ар дайым Сенден үмүттөнөм, Сени кайра-кайра даңктай берем.

15 Менин оозум ар күнү Сенин чындыгыңды, Сенин улуу иштериңди жарыя кылат, мен аларды санай албайм.

16 Теңирдин кудурети жөнүндө ойго батам. Сенин чындыгыңды, бир гана Сенин чындыгыңды эске салам.

17 Оо Кудай! Мени жаш кезимден бери үйрөтүп келе жатасың, азыркыга чейин Сенин кереметтериңди жарыя кылып келе жатам.

18 Кудайым, мени карыганымда да, чачым агарганда да калтырба. Сенин күчүңдү ушул тукумга, Сенин кудуретиңди келе жаткан тукумга жарыя кылганча, мени таштаба.

19 Оо Кудай, адилеттигиң асманга жетет, Сен улуу иштерди жасадың. Оо Кудай, Сага ким тең келе алат?

20 Сен менин башыма оор кайгыны көп салдың, бирок кайрадан тирилтип алдың, жердин түбүнөн кайра чыгардың.

21 Сен мени көтөрүп тургансың, мени сооротуп тургансың.

22 Ошондуктан мен Сени, Кудайым, Сенин чындыгыңды арфа чертип даңктайм. Гусли менен Сени мактап ырдайм, оо Ысрайылдын ыйык Кудайы!

23 Сен жөнүндө ырдап жатканда, оозум да, Өзүң куткарып алган жаным да кубанат.

24 Менин тилим да ар күнү Өзүңдүн чындыгыңды жарыя кылат, анткени мага жамандык издегендер уятка калышты, шылдың болушту.

## 71-ЗАБУР

**Падыша жөнүндө сыйынуу**

1 Сулайманга. Оо Кудай! Падышага Өзүңдүн калыстыгыңды, падышанын уулуна Өз адилеттигиңди бер.

2 Ал Сенин элиңди, жакырларыңды сотто адилет соттосун.

3 Адамдарга тоолор тынчтык, адырлар чындык алып келсин.

4 Ал элдин жакырларын туура соттосун, кедейлердин балдарын сактасын, зулумдарды тыйсын.

5 Күн менен ай турганда, муундан муунга Кудайдан коркушсун.

6 Ал чабылган шалбаага жааган жамгырдай жаасын, жер сугарган тамчылардай тамсын.

7 Анын күндөрүндө адил адам гүлдөйт, асмандагы ай жок болгончо, тынчтык өкүм сүрүп турат.

8 Ал деңизден деңизге чейинки жерди жана дарыядан жердин акырына чейинки аймактарды ээлейт.

9 Анын алдына чөл эли жыгылып таазим кылат, анын душмандары топурак жалашат.

10 Таршыш менен аралдардын падышалары ага алым беришет. Аравия жана Шеба падышалары тартууларды алып келишет.

11 Ага бардык падышалар таазим кылышат, бардык элдер кызмат кылышат.

12 Анткени ал жардам сурап кыйкырып жаткан жакырды жана жардам берүүчүсү жок эзилгенди куткарат.

13 Кедей менен жакырга ырайым кылат, байкуш кедейлердин жанын куткарат.

14 Алардын жанын кара ниеттерден, зордук-зомбулуктан куткарат, анын көз алдында алардын каны кымбатка турат.

15 Ал жашайт, ага Аравиянын алтындарын берип турушат, ал үчүн тынымсыз сыйынып турушат, ага ар күнү бата берип турушат.

16 Жерде да, тоодо да түшүм мол болот. Анын жемиштери Лебанон токоюндай шуудурайт, шаарларда эл жердеги чөптөй көбөйөт.

17 Анын ысымы түбөлүккө сакталат. Асмандагы күн жок болгончо, анын ысымы муундан муунга айтыла берет. Ал аркылуу элдер бата алышат. Бардык элдер ага алкыш айтышат.

18 Кудай-Теңир, Ысрайылдын Кудайы, кереметтерди жасаган жалгыз Өзү даңктала берсин!

19 Анын даңктуу ысымы даңкталсын, бүт жер жүзү Анын даңкына толсун. Оомийин, оомийин!

20 Жышай уулу Дөөттүн сыйынуулары бүттү.

**ҮЧҮНЧҮ КИТЕП**

## 72-ЗАБУР

**Кудайсыздардын убактылуу жыргал турмушу**

1 Асаптын забуру. Кудай Ысрайылга, жүрөгү тазаларга кандай ырайымдуу!

2 Менин бутум тайгаланып кете жаздады, таманым тайып кете жаздады.

3 Анткени кудайсыздардын жыргал турмушун көрүп, акылсыздарга суктандым.

4 Анткени алар өмүрүнүн аягына чейин азап тартышпайт, күч-кубаттуу.

5 Алар башка адамдардай мээнет кылышпайт, башка адамдардай кыйынчылык көрүшпөйт.

6 Ошондуктан алар текебердикти шурудай тагынып, зулумдукту кийимдей кийип алышкан.

7 Семирип көздөрүн май басып калган, алардын жүрөгү ар кандай ойлорго толгон.

8 Алар бардыгын кордошот, жалган ушак таратышат, менменсинип сүйлөшөт.

9 Алардын ооздору асманга каршы сүйлөйт, тилдери жер үстүндө басып жүрөт.

10 Ошондуктан Анын эли да аларды ээрчип, чөйчөк толо суу ичишет.

11 Алар: «Кудай кантип билмек эле? Бардыгынан жогору турган Кудай баарын билеби?» – дешет.

12 Ушул кудайсыздар бул дүйнөдө жыргап, байлыктарын көбөйтүп жатышат.

13 «Анда мен жүрөгүмдү бекер эле тазаладымбы? Колумду айыпсыздыгым менен бекер эле жуудумбу?

14 Күн сайын өзүмдү бекер эле жараладымбы, күнүгө эртең менен өзүмдү бекер эле ашкереледимби?»

15 Бирок: «Мен ушундай ойлойм», – десем, анда Сенин уулдарыңдын тукумунун алдында күнөөкөр болмокмун.

16 Муну кандай түшүнсө болот деп ойлодум,

17 бирок бул мага Кудайдын ыйык жайына киргенге чейин жана алардын акыр аягын түшүнгөнгө чейин кыйын көрүндү.

18 Сен аларды тайгак жолго койгонсуң, акыры түпсүз туңгуюкка кулатасың.

19 Алар күтүлбөгөн жерден бүлгүнгө учурап, коркунучтардан өлүп жок болушту!

20 Теңирим, Сен аларды түш көрүп жатып ойгонгондой кылып ойготосуң, ой-максаттарын талкалайсың.

21 Жүрөгүм күйүп, ичим кайнап-бышып жатканда,

22 мен акылсыз элем, түшүнчү эмес элем; сенин алдыңда мал сыяктуу элем.

23 Бирок мен ар дайым Сени мененмин. Сен мени оң колумдан кармап турасың.

24 Сен мени Өз кеңешиң менен жетектеп турасың, анан мени даңкың менен кабыл аласың.

25 Асманда мага Сенден башка ким керек? Жерде да мага Сенден башка эч нерсенин кереги жок.

26 Денем да, жүрөгүм да алсырады, бирок жүрөгүмдүн жөлөгү, түбөлүк үлүшүм – Кудай.

27 Анткени Сенден алыстагандар өлүп жатышат; Өзүңдөн баш тарткандардын баарын Сен жок кылып жатасың.

28 Мага болсо Кудайга жакындаган жакшы! Кудай-Теңирди өзүмө баш калкалар жай кылдым. Сенин бардык иштериңди жарыя кылам.

## 73-ЗАБУР

###### Элди куткаруусун сурап Кудайга сыйынуу

1 Асаптын үйрөтүүсү. Кудайым, эмнеге бизден биротоло баш тарттың? Эмнеге Өз жайытыңдагы койлорго каарың кайнады?

2 Эзелтен бери Өзүңө алган, Өзүңө энчи кылып сатып алган элиңди, Өзүң жашаган Сион тоосун эсте!

3 Түбөлүк урандыларды аралап өт. Душман ыйык жайдагы бардык нерселерди талкалады.

4 Ыйык чогулуш өтчү жерде душмандарың чуу салып жүрүшөт. Биздин белгилерибиздин ордуна өз белгилерин коюп алышкан.

5 Алар өздөрүн дарактардын чырмалышкан бутактарына балта көтөргөндөрдөй көрсөтүштү.

6 Азыр да Сенин үйүңдөгү оюм-чийимдерди балталар менен, балкалар менен бир заматта кыйратышты.

7 Алар Өзүңдүн ыйык жайыңды өрттөп жиберишти; Өзүңдүн ысымың турган үйдү таптакыр булгашты.

8 Алар жүрөктөрүндө: «Буларды таптакыр талкалайбыз», – деп, Кудайдын жердеги ыйык жайларын бүт бойдон өрттөштү.

9 Биз өзүбүздүн белгилерибизди көрбөй калдык, пайгамбарларыбыз да жок, арабызда бул канча убакытка созуларын билген киши да жок.

10 Кудай, Сага качанга чейин акарат келтире берет? Душман Сенин ысымыңа дайыма эле тил тийгизе береби?

11 Эмне үчүн Өзүңдүн колуңду, Өзүңдүн оң колуңду тартып алдың? Аларды Өзүңдүн жүрөгүңдөн суурул алып, арабыздан жок кыл.

12 Кудайым, жер ортосуна куткарылуу алып келген кылымдардан берки Падышам!

13 Өз күчүң менен деңизди бөлдүң, суудагы жыландардын баштарын талкаладың.

14 Сен лебийатандын башын талкалап, чөлдөгү адамдарга тамак кылып бердиң.

15 Булак чыгарып, өзөндөрдү агыздың, шаркырап аккан дарыяларды соолуттуң.

16 Күн да Сеники, түн да Сеники. Айды, жылдыздарды жана күндү Сен жараттың.

17 Жердин чек араларын бөлдүң, кыш менен жайды жараттың.

18 Ошондуктан эстегин: душман Теңирге тил тийгизип, акылсыз адамдар Сенин ысымыңды жек көрүп жатышат.

19 Өз көгүчкөнүңдүн жанын жырткычтарга салып бербе, бечара элиңди таптакыр унутуп койбо.

20 Өз келишимиңди кара, анткени жердеги караңгы жерлердин баары зордук-зомбулук жайына толуп кетти.

21 Эзилген адам шылдың болуп кайтып келбесин, кедей менен жакыр Сенин ысымыңды даңктасын.

22 Оо Кудай, ордуңдан туруп, Өз ишиңди корго, акылсыз адамдын Сени күн сайын шылдыңдаганын эсте.

23 Душмандарыңдын кыйкырыгын унутпа. Сага каршы көтөрүлгөндөрдүн ызы-чуусу тынымсыз күчөп бара жатат.

## 74-ЗАБУР

**Кудай – Сот**

1 Ырчылар тобунун башчысына. Жок кылба. Асаптын забуру. Ыр.

2 Сени даңктайбыз, Кудай, Сени даңктайбыз, анткени Сенин ысымың бизге жакын экенин Өзүң көрсөткөн кереметтер айгинелеп турат.

3 «Убакытты тандап алгандан кийин, Мен адилет сот жүргүзөм.

4 Жер титиреп жатат, анын үстүндө жашагандар да титиреп жатышат. Мен анын түркүктөрүн бекитем».

5 Акылсыздарга: «Акылсыздык кылбагыла», кудайсыздарга: «Мүйүзүңөрдү көтөрбөгүлө», – дейм.

6 «Мүйүзүңөрдү бийик көтөрбөгүлө, тоң моюндук кылып сүйлөбөгүлө», – дейм.

7 Анткени жардам батыштан да, чыгыштан да, чөлдөн да келбейт.

8 Бирок Кудай Өзү Сот: бирин басат, экинчисин көтөрөт.

9 Анткени чөйчөк Кудайдын колунда, анын ичинде ар кандай ачыткыга толгон шарап көбүрүп-жабырып турат, Ал ушул чөйчөктөн куюп жатат. Жада калса, анын ачыткысын жер жүзүндөгү бардык кудайсыздар калтырбай ичишет.

10 Мен болсо Жакыптын Кудайын түбөлүккө жар салам, мактап ырдайм.

11 Бардык кудайсыздардын мүйүздөрүн сындырам, ошондо адил адамдардын мүйүздөрү көтөрүлөт.

**75-ЗАБУР**

**Кудай – Жеңүүчү**

1 Ырчылар тобунун башчысына. Кыл аспаптар менен. Асаптын забуру. Ыр.

2 Кудай Жүйүт аймагында белгилүү, Ысрайылда Анын ысымы улуу.

3 Анын үйү Шалемде, жашаган жайы Сион тоосунда.

4 Ал жерде Кудай жаанын жебелерин, калканды, кылычты, согуш куралдарын талкалады.

5 Сен даңктуусуң, жырткыч тоолордон да күчтүүсүң.

6 Эр жүрөктөр да жем болушту, түбөлүк уйкуга кетишти, күчтүү аскерлер да күчтөрүн жоготушту.

7 Оо Жакыптын Кудайы, Сенин каарыңдан ат да, араба да түбөлүк уйкуга кетти.

8 Сен өтө коркунучтуусуң. Сен каардanганда, ким туруштук бере алат?

9 Асмандан өкүмүңдү жарыялаганда, жер коркконунан тынчып калды.

10 Анткени Кудай жердеги эзилгендердин баарын куткаруу үчүн, сот жүргүзүү үчүн ордунан турду.

11 Ошондо адамдардын каардануусу Сени даңктоого айланат, калган каарды да Өзүң тыясың.

12 Кудай-Теңирге убадаларыңарды бергиле, аларды аткаргыла! Анын тегерегинде тургандар коркунучтуу Кудайга тартууларын алып келишсин.

13 Ал төрөлөрдүн рухун баш ийдирет, жердеги падышалар үчүн Ал коркунучтуу.

## 76-ЗАБУР

**Кайгыга батканда сооротуусун сурап Кудайга сыйынуу**

1 Ырчылар тобунун башчысына. Жедутундуку боюнча. Асаптын забуру.

2 Үнүм Кудайга жетсин, жардам сурап кайрылам; үнүм Кудайга жетсин, Ал мени угат.

3 Башыма кыйынчылык түшкөн күнү Теңирди издейм; түн ичинде сунулган колум түшпөйт; жаным тынчтангысы келбейт.

4 Кудайды ойлоп титиреп жатам. Ойлоно берип, рухум алсырап бара жатат.

5 Сен мага кирпик кактырбайсың, кыйналдым, сүйлөөгө дарманым жок.

6 Байыркы күндөр жөнүндө, өтүп кеткен жылдар жөнүндө ойлоном.

7 Түнкүсүн ырларымды эстейм, жүрөгүм менен сырдашам, рухум менин алдыма суроо коёт:

8 "Чын эле, Теңир биротоло баш тарттыбы, мындан ары ырайым кылбайбы?

9 Чын эле, Анын ырайымы биротоло токтодубу, Анын убада сөзү укумдан-тукумга жетпей үзүлдүбү?

10 Чын эле, Кудай ырайым кылганды унуттубу? Чын эле, Ал ачуусу менен Өзүнүн боорукерлигин токтотуп койдубу?"

11 Мен дагы: «Бардыгынан жогору турган Кудайдын оң колунун өзгөргөнү – менин кайгым», – дедим.

12 Теңирдин иштерин эске салам. Сенин мурунку кереметтериңди эске салам.

13 Сенин бардык иштериң жөнүндө ой жүгүртөм, Сенин улуу иштериң жөнүндө ойлоном.

14 Кудай! Сенин жолуң ыйык. Биздин улуу Кудайдай Кудай барбы?

15 Сен укмуштарды жараткан Кудайсың. Өз кудуретиңди элдердин арасында айкын көрсөттүң.

16 Сен Өзүңдүн кудуреттүү күчүң менен Өз элиңди, Жакып менен Жусуптун уулдарын куткардың.

17 Кудайым, Сени суулар көрүштү, Сени суулар көрүп коркушту, туңгуюктар титирешти.

18 Булуттар сууларын төгүп, асмандан күн күркүрөдү, Сенин жебелериң учту.

19 Сенин добулуңдун үнү бүт асманга жаңырды, чагылган ааламды жарык кылды, жер солкулдап титиреди.

20 Сенин жолуң деңизде жатат, Сенин чыйырың чоң сууларда жатат, Сенин изиңди эч ким таппайт.

21 Өз элиңди Мусанын жана Арундун колу менен койлорду ээрчиткенсип ээрчитип жүрдүң.

## 77-ЗАБУР

##### Кудай жана Анын эли

1 Асаптын үйрөтүүсү. Элим, менин мыйзамымды ук, менин оозумдан чыккан сөздөргө кулак сал.

2 Менин оозумдан накыл сөздөр чыгат, өткөн заманда болгон окуяларды айтып берем.

3 Уккандарыбызды, билгендерибизди, ата-бабаларыбыздын бизге айтып бергендерин баяндайм.

4 Буларды балдарыбыздан жашырбайбыз, келе жаткан муунга Теңирдин даңкын, күчүн, көрсөткөн кереметтерин жарыя кылам.

5 Ал Жакып үчүн мыйзам чыгарып, Ысрайыл үчүн мыйзам жазган, ошол мыйзамдарды биздин ата-бабаларыбызга балдарына айтып берүүнү осуят кылган.

6 Аларды келе жаткан муун, төрөлө турган балдар билиши үчүн, убагы келгенде алар да өз балдарына айтып бериши үчүн,

7 Кудайдан үмүт кылышы үчүн, Анын иштерин унутпашы үчүн, Анын осуяттарын сакташы үчүн,

8 өздөрүнүн ата-бабаларындай, жүрөктөрү өзгөрбөгөн, руху менен Кудайга берилбеген, баш ийбес, кежир муун болбошу үчүн осуят кылган.

9 Куралданган, жаа тарткан Эпрайым уулдары согуш болуп жаткан күнү артка качышты.

10 Алар Кудайдын осуятын сакташкан жок, Анын мыйзамы боюнча жашоодон баш
тартышты.

11 Анын иштерин жана өздөрүнө көрсөткөн кереметтерин унутушту.

12 Кудай алардын ата-бабаларынын көз алдында Мисир жеринде, Соан талаасында
кереметтерди көрсөттү.

13 Деңизди жара бөлүп, аларды ошол аркылуу өткөрдү, сууну дубалдай тургузду.

14 Күндүз аларды булут менен, түнкүсүн от жарыгы менен алып жүрдү.

15 Түпсүздүктөн суу чыгарып бергендей, чөлдө ташты жарып, алардын суусунун
кандырды.

16 Аскадан суу чыгарды, суу дарыядай акты.

17 Бирок алар Анын алдында күнөө кыла беришти, чөлдө бардыгынан жогору турган
Кудайды каарданта беришти.

18 Өз жүрөктөрүндө Кудайды сынап, өздөрү каалаган тамакты талап кылышты.

19 Кудайга каршы сүйлөп: «Чөлдө Кудай дасторкон даярдап бере алмак беле?» – дешти.

20 Бирок ал ташты урганда, суу чыгып ага баштады. «Кудай нан бере алмак беле? Ал Өз
элине эт бышырып бере алмак беле?» – дешти.

21 Муну Теңир угуп, катуу каарданды. Жакыпка каршы от жалындап күйдү, Кудайдын
каары Ысрайылга каршы бет алды.

22 Анткени алар Кудайга ишенишкен жок, Анын куткарарына ишенишкен жок.

23 Ал асмандагы булуттарга буйрук берип, асман эшиктерин ачты.

24 Алардын үстүнө асмандан манна жаадырды, аларга асман нанын берди.

25 Адамдар периштелердин нанын жешти, Кудай аларга тамакты тоюшунча берди.

26 Асмандан чыгыш шамалын козгоду, Өз күчү менен түштүк шамалын жиберди.

27 Аларга этти топурактай жаадырды, канаттууларды деңиз кумундай жаадырды.

28 Аларды кошуундарынын арасына, үйлөрүнүн жанына жаадырды.

29 Алар жеп, аябай тоюшту. Аларга каалаганын берди.

30 Бирок алардын каалоосу кана электе эле, алар тамактарын жута электе эле,

31 аларга каршы Кудайдын каары келип, алардын бараандууларын өлтүрдү, Ысрайылдын жигиттерин сулатты.

32 Бирок алар ушунун баарын көрүп турушса да, күнөө кыла беришти, Анын кереметтерине ишенишкен жок.

33 Ошол үчүн Кудай алардын жашоо күндөрүн түйшүктүү кылып, жашоо жылдарын дүрбөлөңгө түшүрдү.

34 Кудай аларды өлтүрө баштаганда, алар Кудайды издей башташты; Кудайга кайрылып, таң азандан Кудайга жалынышты.

35 Кудай өздөрүнүн баш калкалар жайы экенин, бардыгынан жогору турган Кудай өздөрүнүн Куткаруучусу экенин ошондо эстешти.

36 Ооздору менен Ага кошомат кылышты, тилдери менен Анын алдында калп айтып жатышты.

37 Жүрөктөрү болсо Анын алдында таза эмес эле, алар Анын осуятына берилишкен эмес.

38 Бирок Ал ырайымдуулук кылып, алардын күнөөлөрүн кечирди, аларды кырып салган жок. Көп жолу каарын кайт кылды, көп жолу Өзүнүн бүт жаалын козгогон жок.

39 Кудай алардын кетсе кайрылып келбей турган адам экенин, жел экенин эске алды.

40 Алар чөлдө Аны канча жолу каардантышты! Эч ким жашабаган жерде Аны канча жолу ачуулантышты!

41 Кудайды кайрадан сынашты, Ысрайылдын Ыйыгына акарат келтиришти.

42 Алар Анын куткарган колун, Анын эзүүдөн куткарган күнүн унутушту.

43 Анын Мисирде жасаган кереметтерин жана Соан талаасындагы ажайыптарын унутушту.

44 Алар суу иче албай калышы үчүн, Кудай алардын дарыялары менен өзөндөрүн канга айландырды.

45 Аларды чактырыш үчүн курт-кумурскаларды, өлтүрүш үчүн курбакаларды каптатты.

46 Алардын өстүргөн өсүмдүктөрүн кырк аяктарга, алардын эмгегин чегирткелерге жем кылды.

47 Алардын жүзүмдөрүн мөндүр менен, тыт жыгачтарын муз менен талкалады.

48 Алардын бодо малын добул менен, майда малын чагылган менен кырды.

49 Аларга Өзүнүн каарынын жалынын, ачуусун, жаалын жана алааматын каптатып, кыйратуучу периштелерди жөнөттү.

50 Өзүнүн каарын кандыруунун жолун тапты, алардын жанын өлүмдөн сактаган жок, малдарына жугуштуу оору каптатты.

51 Мисирдеги бардык тун балдарды, Хам чатырларындагы бардык күч башаттарын өлтүрдү.

52 Анан Өз элин койлордой алып жөнөдү, аларды чөлдө койлордой алып жүрдү.

53 Аларды коопсуз алып жүрдү, алар коркушкан жок, алардын душмандарын болсо деңиз басып калды.

54 Аларды Өзүнүн ыйык жерине, Өзүнүн оң колу менен ээлеп алган ушул тоого алып келди.

55 Алардын алдынан элдерди кууп жиберип, алардын жерин аларга мурас кылып бөлүп берди, Ысрайыл урууларын алардын үйлөрүнө киргизди.

56 Бирок алар бардыгынан жогору турган Кудайды дагы сынашты, капалантышты, Анын мыйзамдарын сакташкан жок.

57 Ата-бабаларына окшоп туруксуз, ишенимсиз болушту, кайып кеткен жебедей артка кетишти.

58 Өздөрүнүн бийик жерлери менен Аны каардантышты, таш буркандары менен Анын кызганычын козгошту.

59 Кудай муну угуп, катуу каарданды, Ысрайылга аябай ачууланды.

60 Кудай Шилодо турган үйүн, адамдар арасында Өзү жашаган жыйын чатырын таштап кетти.

61 Өзүнүн чебин туткунга, Өзүнүн даңкын душмандардын колуна салып берди.

62 Өз элин кылыч мизине салып берди, Өз мурасына ачууланды.

63 Элдин жигиттерин от жалмады, анын кыздарына арнап нике ырларын ырдабай калышты.

64 Ыйык кызмат кылуучулары кылычтан өлүп жатышты, жесирлери ыйлабай калышты.

65 Бирок Теңир уйкудан ойгонгонсуп, шараптан соолуга албай жаткан алптай болуп, ордунан туруп келди да,

66 анын душмандарын артка качырды, түбөлүккө уятка калтырды.

67 Жусуптун чатырын четке какты, Эпрайым уруусун тандап алган жок.

68 Тескерисинче, Жүйүт уруусун жана Өзү сүйгөн Сион тоосун тандап алды.

69 Өзүнүн ыйык жайын асмандай бийик кылып курду, жердей кылып түбөлүккө тургузду.

70 Өз кулу Дөөттү кой короодон тандап алды, аны алып чыкты.

71 Аны саан малдан бөлүп алып, Өз эли Жакыпты, Өз мурасы Ысрайылды кайтартуу үчүн алып келди.

72 Дөөт аларды таза жүрөк менен кайтарды, аларды акылман колу менен жетектеп жүрдү.

## 78-ЗАБУР

###### Ысрайылды куткаруусун сурап Кудайга сыйынуу

1 Асаптын забуру. Кудай! Бутпарастар Сенин мурасыңа келишти. Сенин ыйык ийбадатканаңды булгашты, Иерусалимди урандыга айландырышты.

2 Сенин кулдарыңдын өлүктөрүн асмандагы куштарга жем кылышты, Сенин ыйыктарыңдын денелерин жырткычтарга жем кылышты.

3 Алардын кандарын Иерусалимдин тегерегинде суудай агызышты, аларды көмөр киши болгон жок.

4 Биз өз коңшуларыбызга күлкү болдук, тегерегибиздегилерге шылдың, күлкү болдук.

5 Теңир, качанга чейин ачуулана бересиң, ачууң качанга чейин от болуп күйө берет?

6 Өз каарыңды Сени билбеген элдерге, Сенин ысымыңды чакырбаган падышачылыктарга төк.

7 Анткени алар Жакыпты жутушту, анын үйүн кыйратышты.

8 Ата-бабаларыбыздын күнөөлөрү үчүн бизди жазалаба, бизге кечиктирбей ырайым кыл, анткени биз аябай алсырап калдык.

9 Кудай, биздин Куткаруучубуз, Өз ысымың даңкталышы үчүн, бизге жардам бер, бизди куткар, Өз ысымың үчүн биздин күнөөлөрүбүздү кечир.

10 Бутпарастар: «Булардын Кудайы кайда?» – деп айтышпасын. Кулдарыңдын төгүлгөн каны үчүн биздин көзүбүзчө өч алганың бутпарастар арасында белгилүү болсун.

11 Сага туткундун онтогон үнү жетсин. Өлүмгө кыйылгандарды Өзүңдүн кудуретиң менен куткар.

12 Теңирим, Сага акарат келтиришкени үчүн, биздин коңшуларыбызды жети эсе жазала.

13 Ал эми биз, Сенин элиң, Сенин жайытыңдагы койлоруң, Сени түбөлүккө даңктайбыз, Сенин даңкыңды укумдан-тукумга жарыялайбыз.

## 79-ЗАБУР

###### Ысрайылды калыбына келтирүүсүн сурап Кудайга сыйынуу

1 Ырчылар тобунун башчысына. Шошаним-Эдут күү аспабы менен. Асаптын забуру.

2 Ысрайылдын Кайтаруучусу, кулак сал! Жусупту койдой кайтарып жүргөн, керуптардын үстүндө отурган Өзүңдү көрсөт.

3 Эпрайымдын, Бенжеминдин жана Менашенин алдында Өз күчүңдү көрсөт, бизди куткарууга кел.

4 Кудай! Бизди кайра калыбыбызга келтир. Сенин жүзүң жаркырасын, ошондо биз куткарылабыз!

5 Теңир, Себайот Кудай! Качанга чейин Өз элиңдин сыйынууларына каардана бересиң?

6 Сен аларды нандын ордуна көз жашка тойгуздуң, аларды көп өлчөмдөгү көз жашка тойгуздуң.

7 Сен бизди коңшуларыбызга сөз кылып койдуң, бизди душмандарыбыз кордоп жатышат.

8 Себайот Кудай! Бизди кайра калыбыбызга келтир. Сенин жүзүң жаркырасын, ошондо биз куткарылабыз!

9 Мисирден жүзүм сабагын көчүрүп келдиң, элдерди кууп чыгып, аны отургуздуң.

10 Жүзүм үчүн орун тазалап, анын тамырларын бек орноттуң, ал бүт жерге жайылды.

11 Тоолор анын көлөкөсүндө калды, анын бутактары Кудайдын кедр жыгачындай жайылды.

12 Жүзүм өзүнүн бутактарын деңизге чейин жайды, жаш бутактары дарыяга жетти.

13 Эмне үчүн Сен анын дубалдарынураттың? Жолдо өтүп бара жаткандардын баары жүзүмдөн үзүп жатышат.

14 Токойдогу камандар түбүн казып, талаадагы жырткычтар талап жеп жатышат.

15 Себайот Кудай! Бизге кайрылып кел, бизди асмандан кара, бизди көр, бул жүзүмзарга кел.

16 Өзүңдүн оң колуң отургузганды, Өзүң үчүн өстүргөн жаш бутактарды сакта.

17 Ал өрттөнүп, кыйылып бүткөн. Алар Өзүңдүн каарыңдан өлүп жатышат.

18 Сенин колуң Өзүң үчүн бекемдеген адам баласынын үстүндө, Өзүңдүн оң колуң тарапта отурган адамдын үстүндө, болсун.

19 Ошондо биз Сенден баш тартпайбыз. Бизди тирилт, ошондо биз Сенин ысымыңды чакырабыз.

20 Теңир, Себайот Кудай! Бизди кайра калыбыбызга келтир. Сенин жүзүң жаркырасын, ошондо биз куткарылабыз!

## 80-ЗАБУР

**Майрам күнүндөгү ыр**

1 Ырчылар тобунун башчысына. Гиттит күү аспабы менен. Асаптын забуру.

2 Биздин тирегибиз болгон Кудайга кубаныч менен ырдагыла. Жакыптын Кудайына кубанычтуу үн салгыла!

3 Ырдагыла, дапты, мукам үндүү гуслини арфа менен кошо бергиле.

4 Ай жаңырганда, белгиленген убакта, биздин майрам күнүбүздө сурнай тарткыла.

5 Анткени бул – Ысрайыл үчүн мыйзам, Жакыптын Кудайынын буйругу.

6 Кудай бул мыйзамды Жусуп Мисир жеринен чыкканда, ага күбө болсун деп бекитти. Жусуп ал жерде өзү билбеген тилди угуп жүргөн.

7 Теңир мындай деди: «Мен андан оор жүктөрдү алып салдым, анын колдору себеттерден бошоду.

8 Башыңа кыйынчылык түшкөндө, Мени чакырдың, ошондо Мен сени куткардым. Мен сага добулдун арасынан жооп бердим, сени Мериба суусунун жанында сынадым.

9 Элим, ук, Мен сага күбөлөндүрөм. Ысрайыл! Оо, сен Мени уксаң кана!

10 Сенде башка кудай болбосун, бөлөк элдин кудайына сыйынба.

11 Мен Теңирмин, сени Мисир жеринен алып чыккан Кудайыңмын. Оозуңду чоң ач, Мен аны толтурам».

12 Бирок Өз элим Менин үнүмдү укпай койду, Ысрайыл Мага моюн сунбай койду.

13 Ошондуктан Мен аларды өздөрүнүн көшөргөн жүрөгүнүн эркине койдум, өздөрү каалаган жол менен жүрө беришсин дедим.

14 Оо, Өз элим Мени укса кана! Ысрайыл Менин жолдорум менен жүрсө кана!

15 Анда Мен алардын душмандарын тез эле моюн сундурар элем, колумду аларды куугунтукка алгандарга каршы сунар элем.

16 Теңирди жек көргөндөр аларга кошомат кылып турар эле, ал эми алардын жыргал турмушу дайыма улана бермек.

17 Мен аларды буудайдын эң жакшысы менен азыктантар элем, тоо балына тойгузар элем.

## 81-ЗАБУР

#### Кудай – эң жогорку Сот

1 Асаптын забуру. Кудай кудайлардын арасында турду. Ал кудайлардын арасында Өз өкүмүн билдирди.

2 «Качанга чейин силер адилетсиз сот жүргүзө бересиңер? Качанга чейин кудайсыздарды жактай бересиңер?

3 Жакыр менен жетимге туура өкүм чыгаргыла, эзилгенге жана жардыга адилеттик кылгыла.

4 Жарды менен жакырды куткаргыла, аларды кудайсыздардын колунан бошоткула.

5 Алар билишпейт, түшүнүшпөйт, караңгылыкта жүрүшөт. Ошондуктан жердин негизи титиреп жатат.

6 Мен мындай деп айттым: "Силер кудайларсыңар, баарыңар бардыгынан жогору турган Кудайдын уулдарысыңар.

7 Бирок силер бардык адамдардай эле өлөсүңөр, бардык төрөлөрдөй эле кулайсыңар"».

8 Ордуңдан тур, Кудай, жерди сотто, анткени Сен бардык элди мурастап аласың.

## 82-ЗАБУР

#### Душмандардан өч алуусун сурап Кудайга сыйынуу

1 Ыр. Асаптын забуру.

2 Кудай! Унчукпай тура бербе, сүйлөбөй тура бербе, Кудайым, тынч тура бербе!

3 Анткени душмандарың чурулдап жатышат, Сени жек көргөндөр баштарын көтөрүштү.

4 Сенин элиңе каршы жамандык издеп жатышат, Өзүң сактагандарга каршы кеңешип
жатышат.

5 Алар: «Барып, аларды кырып салалы, Ысрайыл деген ысым мындан кийин эске алынгыс
болсун», – деп айтышты.

6 Өз ара бир добуштан макулдашып, Сага каршы келишим түзүштү:

7 эдомдуктар менен ысмайылдыктар, маалтыктар менен агрылыктар,

8 Гебал, Амон, Амалык, Пелишти тургундары Тирдин тургундары менен келишим
түзүштү.

9 Ашур эли да аларга кошулду. Алар Лот уулдарына күч беришти.

10 Мидианга, Сисрага жана Кишон суусунун жээгинде Жабинге кандай кылсаң, аларга да
ошондой кыл.

11 Алар Эйен-Дордо кырылып, жерге төгүлгөн кык болуп калышкан.

12 Орейип менен Зейепке кандай кылсаң, аларга жана алардын төрөлөрүнө да ошондой
кыл; Зебак менен Салмунга кандай кылсаң, алардын башчыларына да ошондой кыл.

13 Алар: «Кудайдын элин басып алабыз», – дешкен.

14 Кудайым! Алар куюн учурган топурактай, шамал учурган самандай болушсун.

15 От токойду өрттөгөндөй, жалын тоолорду жалмагандай,

16 Сен да аларды бороонуң менен куу, куюнуң менен дүрбөлөңгө сал.

17 Аларды уятка калтыр, алар Сенин ысымыңды издешсин, Теңирим!

18 Түбөлүккө уятка калышсын, коркуп калышсын, шылдың болушсун, кырылышсын.

19 Бир гана Сенин ысымың Жахаба экенин, жер үстүндөгү бардыгынан жогору турган
Кудай Сен экениңди билишсин.

## 83-ЗАБУР

**Теңир үйүндө болууну каалоо**

1 Ырчылар тобунун башчысына. Гиттит күү аспабы менен. Кoрактын уулдарыныкы. Забур.

2 Турак жайларың кандай сонун, Себайот Теңир!

3 Теңирдин короосун көксөп, жаным аябай алсырады. Менин жүрөгүм да, денем да тирүү Кудайды даңктап ырдап жатат.

4 Кудуреттүү Теңирим, Падышам, Кудайым, Сенин курмандык чалынуучу жайыңдын жанынан чымчык да өзүнө жай табат, чабалекей да балапандарын басып чыгарганга уя табат.

5 Сенин үйүңдө жашагандар бактылуу, алар Сени тынбай мактап турушат.

6 Күчтү Сенден алган, жүрөгү Сага бурулган адам бактылуу.

7 Ый өрөөнү менен өтүп бара жатып, алар ал жерден булак ачышат. Жамгыр да ал өрөөнгө батасын төгөт.

8 Алардын күчүнө күч кошулуп, Сиондогу Кудайдын алдына келишет.

9 Теңир, Себайот Кудай! Менин сыйынуумду ук, Жакыптын Кудайы, мага кулак сал!

10 Кудайыбыз, биздин коргоочубуз, бизге назарыңды сал! Өзүңдүн майлаганыңдын жүзүн кара.

11 Анткени Сенин короoңдо бир күн болуу миң күндөн артык. Мыйзамсыздардын үйүндө жашаганга караганда, Кудайдын үйүнүн улагасында болууну каалайм.

12 Анткени Кудай-Теңир – күн жана калкан, Теңир ырайымын төгүп, даңкка бөлөйт. Таза жүргөндөрдү Ал жакшылыктан ажыратпайт.

13 Себайот Теңир! Сага таянган адам бактылуу!

## 84-ЗАБУР

**Ысрайылга ырайым кылуусун сурап Кудайга сыйынуу**

1 Ырчылар тобунун башчысына. Кoрактын уулдарыныкы. Забур.

2 Теңир! Өз жериңе ырайым кылдың, Жакыпты туткундан бошоттуң.

3 Өз элиңдин мыйзамсыз иштерин кечирдиң, анын бүт күнөөлөрүн жаап салдың.

4 Өз ачууңду тыйдың, катаал каарыңды башка жакка бурдуң.

5 Бизди кайра калыбыбызга келтир, куткаруучу Кудайыбыз, бизге каарданганыңды токтот.

6 Чын эле, Сен бизге түбөлүккө каардана бересиңби, Өзүңдүн каарыңды укумдан-тукумга уланта бересиңби?

7 Өз элиңди Өзүң менен кубантыш үчүн, Сен бизди кайрадан тирилтпей коёсуңбу?

8 Бизге Өз ырайымыңды көрсөт, Теңирим, бизди куткар.

9 Кудай-Теңирдин эмне айтарын угайын. Ал Өз элине, Өзүнүн тандап алгандарына тынчтык берет. Бирок алар кайрадан акылсыздык кылышпаса экен.

10 Кудайдын даңкы биздин жерибизде жашашы үчүн, Андан корккондорго Анын куткаруусу ушунчалык жакын!

11 Ырайым менен чындык жолугушат, адилеттик менен тынчтык өбүшөт.

12 Чындык жерден чыгат, адилеттик асмандан түшөт.

13 Теңир береке берет, ошондо жерибиз өз жемишин берет.

14 Адилеттик Анын алдында барат жана Анын буттарына жол даярдайт.

## 85-ЗАБУР

###### Кайгыга чөккөн күнү Кудайдан жардам сурап сыйынуу

1 Дөөттүн забуру. Теңир, мага кулак сал, мени ук, анткени мен жардымын жана жакырмын.

2 Жанымды сактап кал, анткени мен Сенин алдыңда коркуп турам. Кудайым, Сага таянган кулуңду куткар.

3 Мага ырайым кыл, Теңирим, анткени мен Сени күн сайын чакырам.

4 Өз кулуңду кубандыр, анткени мен өзүмдүн жанымды Сенин алдыңа алып келем.

5 Анткени Сен, Теңирим, ырайымдуусуң жана боорукерсиң, Сени чакыргандардын баарына көп жолу ырайым кыласың.

6 Менин сыйынуумду ук, Теңир, менин жалынуума кулак сал.

7 Кайгыга баткан күнү Сени чакырам, анткени Сен мени угасың.

8 Кудайлардын арасында Сендей жок, Теңирим, Сенин иштериңдей иш жок.

9 Сен жараткан элдердин баары Сенин алдыңа келип таазим кылышат, Теңирим, Сенин ысымыңды даңкташат.

10 Анткени Сен улуусуң, кереметтерди жасайсың, Сен жалгыз Кудайсың.

11 Сенин чындык жолуңда жүрүшүм үчүн, мени Өз жолуңа сал, Теңирим. Сенин ысымыңдан коркуп турушум үчүн, жүрөгүмдү бекемде.

12 Сени чын жүрөгүмдөн мактайм, Теңирим, Сенин ысымыңды түбөлүккө даңктайм.

13 Анткени Сен мага улуу ырайым көрсөттүң. Сен менин жанымды өлгөндөр жаткан жайдын түпкүрүнөн куткарып алдың.

14 Кудайым! Текеберлер мага каршы чыгышты, козголоңчулар тобу мени өлтүргүсү келип издеп жүрөт. Алар Сени эстерине алышпайт.

15 Бирок Сен, Теңирим, Кудайым, кайрымдуусуң, ырайымдуусуң, чыдамдуусуң, абдан боорукерсиң, адилеттүүсүң.

16 Мага назарыңды сал, мага ырайым кыл. Өз кулуңа Өз күчүңдү бер, Өз күңүңдүн уулун куткар.

17 Мага ырайым кылганыңды билдирген белги бер, мени жек көргөндөр көрүп, уятка калышсын, анткени Сен, Теңирим, мага жардам бердиң, мени соороттуң.

## 86-ЗАБУР

#### Кудайдын шаарын даңктоо

1 Кoрактын уулдарыныкы. Забур. Ыр.

2 Иерусалимдин негизи ыйык тоолордо. Теңир Сион дарбазаларын Жакыптын башка бардык шаарларынан жакшы көрөт.

3 Кудайдын шаары, сен жөнүндө жакшы сөздөр айтылып жатат!

4 Мени билген Раап менен Бабыл жөнүндө эскерте кетейин. Пелиштиликтер, тирликтер, эфиопиялыктар: «Бул адам ошол шаарда төрөлгөн», – дешет.

5 Сион жөнүндө болсо: «Бул шаарда баланча деген киши төрөлгөн, аны Бардыгынан Жогору Турган Өзү бекемдеген», – дешет.

6 Теңир элдерди каттаганда: «Бул шаарда баланча деген киши төрөлгөн», – деп жазат.

7 Ырдагандар да, күү аспапта ойногондор да: «Менин бардык башаттарым Сенде», – дешет.

## 87-ЗАБУР

**Оор кайгыдан куткаруусун сурап Кудайга сыйынуу**

1 Ыр. Забур. Корактын уулдарыныкы. Ырчылар тобунун башчысына, махалат күү аспабы менен. Эйман Эзрахинин үйрөтүүсү.

2 Теңирим, менин куткаруучу Кудайым! Күндүр-түндүр Сенин алдыңда боздоп ыйлайм.

3 Менин сыйынуум Сенин алдыңа жетсе экен. Менин жалбаруума кулак сала көр.

4 Анткени менин жаным кайгыга батты, өмүрүм өлгөндөр жаткан жайга жакындап калды.

5 Мен көргө киргендерге окшоп калдым, мен күчү жок адамдай болуп калдым.

6 Сен унутуп койгон, Сенин колуң таштап койгон, өлүктөр арасына ташталган, табытта жаткан, өлтүрүлгөн адамга окшоп калдым.

7 Сен мени өлгөндөр жаткан жайга, караңгылыкка, туңгуюкка түшүрдүң.

8 Менин үстүмдөгү каарың мени кыйнады, Сен мени Өзүңдүн бүт толкундарың менен кыйраттың.

9 Сен мени жакындарымдан алыстаттың, мени аларга жийиркеничтүү кылдың. Мен туткундамын, чыга албай жатамын.

10 Көзүм кайгыдан тунарды: күн бою Сени чакырдым, Теңирим, Сага колдорумду сундум.

11 Сен өлгөндөргө керемет көрсөтмөк белең? Өлгөндөр туруп, Сени даңкташмак беле?

12 Сенин ырайымың мүрзөдө айтылмак беле? Сенин чындыгың чириген жерде айтылмак беле?

13 Сенин кереметтериңди караңгылыкта билишмек беле? Сенин чындыгыңды унутулгандардын жеринде билишмек беле?

14 Ошондой болсо да, Теңирим, мен Сени чакырам, менин таң заардагы сыйынуум Сени тосуп алат.

15 Эмне үчүн, Теңир, менин жанымды таштадың? Эмне үчүн менден Өз жүзүңдү жашырасың?

16 Мен бактысызмын, жаш чагымдан эле кыйналып келе жатам. Сен берген кыйынчылыктарды көтөрүп жүрүп, алсырап бара жатам.

17 Сенин каарың менин үстүмдөн өттү. Сенин үрөйдү учурган коркунучтарың мени кыйратты.

18 Алар мени ар күнү суудай курчап жатышат; баары чогулуп, мени тегеректеп жатышат.

19 Мени чыныгы досумдан алыстаттың, тааныштарым көрүнбөйт.

## 88-ЗАБУР

###### Дөөт менен түзүлгөн келишим

1 Эйтан Эзрахинин үйрөтүүсү.

2 Теңирим, Сенин ырайымыңды түбөлүккө ырдайм, чындыгыңды укумдан-тукумга өз оозум менен жар салам.

3 Мен мындай деп айтам: Сенин ырайымың түбөлүккө негизделген, асманга Өз чындыгыңды орноттуң да, мындай деп айттың:

4 «Мен Өзүмдүн тандап алган адамым менен келишим түздүм, Өз кулум Дөөткө ант бердим:

5 Сенин тукумуңду түбөлүккө бекемдейм, тактыңды укумдан-тукумга орнотом».

6 Теңирим, асман да Сенин кереметтүү иштериңди даңктайт, Сенин чындыгыңды ыйыктардын жыйынында айтат.

7 Анткени асманда Теңирге тең келер ким бар? Кудайдын уулдарынын арасында Теңирге окшош ким бар?

8 Кудай ыйыктардын улуу жыйынында коркунучтуу, Ал Өзүнүн тегерегиндегилердин бардыгына коркунучтуу.

9 Теңир, Себайот Кудай! Теңирим, Сендей күчтүү ким бар? Акыйкатың Өзүңдүн тегерегиңде.

10 Сен деңиздин каарына бийлик кыласың; анын толкундары жогору көтөрүлгөндө, Сен аларды басасың.

11 Сен Раапты байкуш кылып басынттың, душмандарыңды Өзүңдүн кудуреттүү күчүң менен чачыратып жибердиң.

12 Асман да, жер да Сеники, ааламды жана андагы бардык нерселерди Сен негиздедиң.

13 Түндүк менен түштүктү Сен жараттың. Табор менен Хермон Сенин ысымыңды укканда кубанат.

14 Сенин билегиң күчтүү, Сенин колуң кубаттуу, Сенин оң колуң жогору көтөрүлгөн!

15 Адилеттик жана чындык – Өз тактыңдын негизи. Ырайым менен чындык Сенин алдыңда жүрөт.

16 Сурнай үнүн тааныган эл бактылуу! Алар Сенин жүзүңдүн жарыгы астында жүрүшөт, Теңирим.

17 Күн сайын Сенин ысымың менен кубанышат, Сенин чындыгың менен жогору көтөрүлүшөт,

18 анткени алардын күчү да, даңкы да Сенсиң, Сенин жакшы ниетиң боюнча биздин мүйүзүбүз көккө көтөрүлөт.

19 Биздин калканыбыз – Теңирден, биздин падышабыз – Ысрайылдын Ыйыгынан.

**Кудайдын Дөөткө берген убадалары**

20 Бир жолу Сен көрүнүштө Өзүңдүн ыйыгыңа мындай дедиң эле: «Мен эр жүрөккө жардам бердим, эл ичинен тандалганды жогору көтөрдүм.

21 Мен Өз кулум Дөөттү таптым, аны Өзүмдүн ыйык зайтун майым менен майладым.

22 Менин колум аны менен болот, Менин күчүм ага күч берет.

23 Душман аны жеңе албайт, мыйзамсыз адам кыса албайт.

24 Душмандарын көз алдында талкалайм, аны жек көргөндөрдү кыйратам.

25 Менин чындыгым да, Менин ырайымым да аны менен, Менин ысымым менен анын мүйүзү көккө көтөрүлөт.

26 Анын колун деңизге салам, оң колун дарыяларга салам.

27 Ал Мени: “Сен менин атамсың, Кудайымсың жана куткаруучу аскамсың”, – деп чакырат.

28 Мен аны тун уулум кылып, жердеги падышалардан жогору коём.

29 Ага көрсөткөн Өзүмдүн ырайымымды түбөлүк сактайм, Менин аны менен түзгөн келишимим бузулбайт.

30 Анын тукуму түбөлүк жашайт, анын тактысы асман жок болгончо турат.

31 Эгерде анын уулдары Менин мыйзамымды таштап, Менин осуяттарымды сакташпаса,

32 Менин мыйзамдарымды бузуп, Менин осуяттарымды аткарышпаса,

33 анда Мен аларды өздөрүнүн мыйзамсыздыгы үчүн темир таяк менен жазалайм, аларга өздөрүнүн күнөөлөрү үчүн сокку урам.

34 Бирок Мен аны Өз ырайымымдан ажыратпайм жана Өз чындыгымды өзгөртпөйм.

35 Мен Өз келишимимди бузбайм жана оозумдан чыккан сөзүмдү өзгөртпөйм.

36 Бир жолу Мен Өзүмдүн ыйыктыгым менен ант бергем: Дөөткө калп айтпайм.

37 Анын тукуму түбөлүк жашайт, анын тактысы Менин алдымда күн сыяктуу турат.

38 Ай сыяктуу кылымдар бою асманда ишенимдүү күбө болуп бекем турат».

**Жеңилген падышанын ыйы**

39 Бирок азыр Сен Өзүңдүн майланганыңдан баш тартып, аны жек көрүп, ага каарданып жатасың.

40 Өз кулуң менен түзгөн келишимиңди четке кактың, анын таажысын жерге кулаттың.

41 Анын бардык тосмолорун талкаладың, анын сепилдерин урандыга айландырдың.

42 Жолдон өткөндөрдүн баары аны талап жатышат. Ал өзүнүн коңшуларына күлкү болду.

43 Сен анын душмандарынын оң колун жогору көтөрдүң, анын бардык кас душмандарын кубанттың.

44 Сен анын кылычынын мизин тескери караттың, ага майданда күч берген жоксуң.

45 Аны даңктан ажыраттың, тактысын жерге кулаттың.

46 Анын жаштык күндөрүн кыскарттың, уятка калтырдың.

**Куткаруусун сурап Кудайга сыйынуу**

47 Теңирим, качанга чейин жашына бересиң? Түбөлүккө жашынасыңбы? Качанга чейин каарың от болуп жана берет?

48 Менин өмүрүмдүн кыскалыгын эстечи. Сен адам баласын кандай түйшүккө жараттың эле?

49 Адамдардын арасынан ким жашап, бирок өлүмдү көрбөй калды экен? Ким өз жанын өлгөндөр жаткан жайдын колунан куткарып алды экен?

50 Мурунку ырайымдарың кайда, Теңирим? Сен Дөөткө Өз чындыгың менен ант бербедиң беле.

51 Теңирим, Өз кулдарыңдын көргөн кордугун эстечи, мен күчтүү элдердин баарынан кордук көрүп жатам.

52 Сенин душмандарың мени кордоп жатышат! Теңирим, Өзүңдүн майлаганыңдын баскан издерин жаманатты кылып жатышат!

53 Теңирге түбөлүккө даңк! Оомийин, оомийин!

**ТӨРТҮНЧҮ КИТЕП**

## 89-ЗАБУР

**Мусанын ыры**

1 Кудайдын кишиси Мусанын сыйынуусу.

2 Оо Теңир! Сен биздин түбөлүктүү баш калкалар жайыбызсың.

3 Тоолор жаралганга чейин эле, Өзүң жер менен ааламды жаратканга чейин эле, кылымдар мурун эле Сен Кудай болчусуң.

4 Сен адамды алдан тайдырып: «Адам баласы, кайрадан топуракка кайт!» – дейсиң.

5 Анткени Сенин көз алдыңда миң жыл кечээ эле өтүп кеткен күндөй, түнкү күзөт убагындай.

6 Сен аларды сел алгандай алып кетесиң. Алардын өмүрү түш сыяктуу; алардын жашоосу эртең менен өсүп чыгып, гүлдөп, көгөрүп, кечинде чабылып, кургап калган чөп сыяктуу.

7 Анткени биз Сенин каарыңдан жок болобуз, Сенин жаалыңдан дүрбөлөңгө түшөбүз.

8 Сен биздин мыйзамсыз иштерибизди Өзүңдүн алдыңа, жашыруун күнөөлөрүбүздү Өз жүзүңдүн жарыгынын алдына койдуң.

9 Биздин бардык күндөрүбүз Сенин каарыңдын астында өттү. Биз өз жылдарыбызды үн сыяктуу жоготтук.

10 Биздин өмүр жашыбыз – жетимиш жыл, ал эми күч-кубаттуу болсок – сексен жыл. Анын эң сонун учуру – эмгек жана оору. Анткени өмүрүбүз зуулдап тез өтөт.

11 Сенин каарыңдын күчүн ким билет? Сен каарданганда, аларга эмне кыларыңды ким билет?

12 Акылдуу болушубуз үчүн, өлө тургандыгыбыз жөнүндө ойлоно жүргөндү үйрөт.

13 Теңирим, бизге кайрыл! Качанга чейин ушинте бересиң? Өзүңдүн кулдарыңа ырайым кыл.

14 Бизди Өзүңдүн ырайымыңа эртерээк тойгуз, ошондо биз өмүрүбүз өткөнчө кубанычка, шаттыкка бөлөнөбүз.

15 Сен бизди жабыркаткан күндөрүң үчүн, азапка салган жылдарың үчүн кубандыр.

16 Өз кулдарыңа Өз иштериңди көрсөт, алардын балдарына Өз даңкыңды көрсөт.

17 Кудай-Теңирибиздин ырайымы биздин үстүбүздө болсун. Биздин иштерибизге ийгилик бер, биздин колдон чыккан иштерге ийгилик бер!

## 90-ЗАБУР

#### Бардыгынан жогору турган Кудайдын үйү

1 Бардыгынан жогору турган Кудайдын үйүндө жашаган, кудуреттүү Кудайды далдаа кылган адам Теңирге:

2 «Мен таянган Кудай менин баш калкалар жайым, менин чебим!» – дейт.

3 Ал сени аңчынын торунан жана айыкпас дарттан куткарат.

4 Ал сени Өзүнүн канаттары менен калкалайт, Анын канаттарынын астында коопсуз болосуң. Анын чындыгы – калкан жана коргон.

5 Түнкү коркунучтардан, күндүзгү учкан жебелерден,

6 караңгылыкта жүргөн каргашадан, чак түштө кырган жугуштуу оорудан коркпойсуң.

7 Жаныңда миң, оң жагыңда он миң кырылып жатса да, сага жакындабайт.

8 Өз көзүң менен карап гана турасың, кудайсыздардын жазаланганын көрөсүң.

9 Анткени сен: «Менин тирегим – Теңир», – дегенсиң. Бардыгынан жогору турган Кудайды өзүңө баш калкалар жай кылып тандап алгансың.

10 Сен эч кандай жамандык көрбөйсүң, үйүңө жугуштуу оору жолобойт.

11 Анткени Ал Өз периштелерине сени бардык жолдоруңда коргоп жүрүүнү буйруйт.

12 Бутуңду ташка уруп албашың үчүн, алар сени колдоруна көтөрүп кетишет.

13 Уулуу жылан менен арстанды бутуң менен басасың, жаш арстан менен ажыдаарды тебелейсиң.

14 «Мени сүйгөндүгү үчүн, аны куткарам, коргойм, анткени ал Менин ысымымды таанып билди.

15 Мени чакырганда, аны угам. Башына кыйынчылык түшкөндө, Мен аны менен бирге болом. Аны куткарам, даңктайм.

16 Анын өмүрүн узун кылам, ага Өзүмдүн куткаруумду көрсөтөм».

**91-ЗАБУР**

**Даңктоо ыры**

1 Забур. Ишемби күнгө арналган ыр.

2 Бардыгынан жогору турган Кудай, Сени даңктаган, Сенин ысымыңды мактап ырдаган кандай жакшы!

3 Эртең менен Сенин ырайымыңды, түн ичинде чындыгыңды жарыя кылуу кандай жакшы!

4 Он кылдуу арфа, гусли чертип ырдоо кандай жакшы!

5 Анткени Сен мени Өзүңдүн жараткандарың менен кубанттың, Теңир. Мен Сенин колуң жасаган иштерге суктанам.

6 Теңир, Сенин иштериң кандай улуу! Сенин ойлоруң кандай терең!

7 Аны ойлонбогон адам билбейт, аны акылы жок адам түшүнбөйт.

8 Кудайсыздар чөп чыккандай чыгышат, мыйзамсыз иштерди кылгандар түбөлүк жок болуш үчүн гүлдөшөт.

9 Сен болсо, Теңирим, түбөлүккө баарынан жогору турасың!

10 Анткени, мына, Теңирим, Сенин душмандарың, мына, Сенин душмандарың өлүп жатышат, мыйзамсыз иштерди кылгандар туш-тушка чачырап жатышат.

11 Бирок Сен менин мүйүзүмдү буйволдун мүйүзүндөй жогору көтөрдүң, Сен мени жаңы зайтун майы менен майладың.

12 Мен душмандарымдын кыйраганын өз көзүм менен көрүп жатам, мага каршы чыккан зулумдардын талкаланганын өз кулагым менен угуп жатам.

13 Адил адам курма дарагындай гүлдөйт, Лебанон кедриндей асманга бой керет.

14 Теңирдин үйүнө отургузулгандар Кудайыбыздын короосунда гүлдөшөт.

15 «Теңир адилеттүү, Ал менин тирегим, Анда калп жок», – деп жар салуу үчүн,

16 алар карыганда да мөмөлүү, ширелүү, жашыл болуп турушат.

## 92-ЗАБУР

##### Теңирди даңктоо

1 Теңир падышачылык кылып жатат, Ал улуулукту кийим кылып кийген. Теңирди кудурет курчап турат, Ал күч менен курчанган. Ошондуктан аалам бекем турат, козголбойт.

2 Сенин тактың адегенде эле орнотулган. Сен түбөлүктүүсүң.

3 Теңирим, дарыялар ашып-ташып жатат, дарыялар өз добушун көтөрүп жатышат, дарыялар өз толкундарын көтөрүп жатышат.

4 Бирок асмандагы Теңир көптөгөн суулардын добушунан да, деңиздердин күчтүү толкундарынан да күчтүү!

5 Сенин күбөлөндүрүүлөрүң туптуура. Теңирим, Сенин үйүңө түбөлүк ыйыктык таандык.

## 93-ЗАБУР

##### Өч алуучу Кудайга жалынуу

1 Теңирим, өч алуучу Кудайым, өч алуучу Кудайым, Өзүңдү көрсөт!

2 Ордуңдан тур, жер жүзүнүн Соту, текеберлердин жазасын бер!

3 Теңирим, качанкыга чейин кудайсыздар салтанат курушат, качанкыга чейин салтанат курушат?

4 Алар өктөм сүйлөп жатышат, мыйзамсыз иштерди кылгандар менменсинип жатышат.

5 Сенин элиңди тепсеп жатышат, Теңирим, Сенин мурасыңды эзип жатышат.

6 Жесирди, келгинди өлтүрүп, жетимдердин өмүрүн кыйып жатышат.

7 Алар: «Теңир көрбөйт, Жакыптын Кудайы билбейт», – дешет.

8 Эсиңерге келгиле, акылсыз адамдар! Деги качан эсиңерге келесиңер, акылы жоктор?

9 Кулакты берген Кудай укпайт бекен? Көздү берген Кудай көрбөйт бекен?

10 Элдерди эсине келтирген, адамга акыл үйрөткөн Кудай ашкерелебейт бекен?

11 Адамдын ойлору курулай убаракерчилик экенин Теңир билет.

12-13 Сен эсине келтирген адам бактылуу, Теңирим. Кудайсыз адамдын көрү казылганга чейин, башына кыйынчылык түшкөн күндөрү Сен ага тынчтык бериш үчүн, Өз мыйзамыңды үйрөткөн адам бактылуу, Теңирим.

14 Анткени Теңир Өзүнүн элинен баш тартпайт, Өзүнүн мурасын таштабайт.

15 Анткени сот чындыкка кайрылат, анын артынан жүрөгү тазалардын баары ээрчишет.

16 Ким мен үчүн кара ниеттерге каршы чыгат? Ким мен үчүн мыйзамсыз иш кылгандарга каршы турат?

17 Теңир менин жардам берүүчүм болбогондо, менин жаным бат эле унчукпас өлкөдөн жай алмак.

18 Мен: «Бутум тайып бара жатат», – дегенде, Сенин ырайымың мени колдогон, Теңирим.

19 Менин жүрөгүмдө кайгы көбөйгөндө, Сенин сооротууларың жанымды жыргатат.

20 Кыйратуучулардын тактысында отуруп, мыйзамды кыянаттык менен пайдалангандар Сени менен шериктеш боло алышабы?

21 Алар топ-топ болуп, адил адамды өлтүрүүгө жулунушат жана күнөөсүз канды күнөөлөшөт.

22 Бирок Теңир менин тирегим, Кудайым менин баш калкалар аска-зоом.

23 Теңир алардын мыйзамсыздыгын өздөрүнүн баштарына салат, өздөрүнүн кылмышы менен өздөрүн өлтүрөт, аларды биздин Кудай-Теңирибиз кырып жок кылат.

## 94-ЗАБУР

**Мактоо ыры**

1 Келгиле, Теңирди мактап ырдайбыз, биздин куткаруучу тирегибизди кубануу менен мактайбыз!

2 Анын алдына даңктоо сөздөр менен келели, Аны ыр менен даңктайлы.

3 Анткени Теңир – улуу Кудай жана бардык кудайлардын үстүнөн улуу Падыша.

4 Жер терендиктери Анын колунда, тоо чокулары да Аныкы.

5 Деңиз да Аныкы, деңизди Ал жараткан, кургактыкты да Анын колдору жараткан.

6 Келгиле, Жаратуучубузга – Теңирибизге табыналы, таазим кылалы, Анын алдында тизе бүгөлү.

7 Анткени Ал биздин Кудайыбыз, биз Анын жайытындагы элбиз, Анын колу менен жаратылган койлорбуз. Оо, силер Анын үнүн азыр уксаңар кана:

8 «Мериба жеринде, чөлдөгү сыноо күндөрүндө жүрөгүңөрдү өжөрлөнткөндөй, жүрөгүңөрдү өжөрлөнтпөгүлө.

9 Ал жерлерде Мени силердин ата-бабаларыңар сынашты. Менин иштеримди көрүп турушса да, алар Мени сынашты.

10 Мени бул эл кырк жыл каардантты, ошондо Мен мындай дедим: "Бул эл – жүрөгү менен адашкан эл. Алар Менин жолдорумду таанып билишкен жок.

11 Ошондуктан Мен каарданып турганымда: «Алар Менин бейпил жайыма киришпейт», – деп ант бердим"».

## 95-ЗАБУР

**Теңирди даңктоого чакыруу**

1 Теңирди жаңы ыр менен даңктагыла. Бүт жер жүзү, Теңирди мактап ырда!

2 Теңирге ырдагыла, Анын ысымын даңктагыла, Анын куткаруусун күн сайын жарыялагыла!

3 Элдер арасында Анын даңкын жарыя кылгыла, бардык уруулар арасында Анын кереметтерин даңаза кылгыла!

4 Анткени Теңир улуу жана мактоого татыктуу, Ал бардык кудайлардан коркунучтуу.

5 Анткени бардык элдердин кудайлары – жасалма кудайлар, ал эми Теңир асманды жараткан.

6 Даңк менен улуулук Анын алдында, күч жана ыйыктык Анын ыйык жайында.

7 Бүт элдер, Теңирге Өзүнө тиешелүүсүн бергиле, Теңирди даңктагыла жана урматтагыла.

8 Теңирди даңктагыла, Анын ысымын даңазалагыла, тартууларды алып келгиле, Анын короосуна киргиле.

9 Теңирге Өзүнүн ыйык жайында табынгыла. Бүт жер жүзү, Анын алдында титире!

10 Бүт элдерге мындай деп айткыла: «Теңир падышачылык кылып жатат! Ошондуктан аалам бекем, солк этпейт. Ал элдерди адилет соттойт».

11 Асман кубансын, жер шаттансын. Деңиз шарпылдасын, анын ичиндегилер кубансын.

12 Талаа да, талаадагы бардык нерселер да кубансын, токойдогу бардык дарактар сүйүнсүн.

13 Бардыгы Теңирдин алдында кубанышсын. Анткени Ал келе жатат, анткени Ал жерди соттош үчүн келе жатат. Ал ааламды адилеттик менен соттойт, элдерди Өз акыйкаттыгы менен соттойт.

## 96-ЗАБУР

###### Теңир падышачылык кылып жатат

1 Теңир падышачылык кылып жатат: жер кубансын, сансыз аралдар шаттансын.

2 Анын тегереги – булут жана караңгылык. Анын тактысынын негизи – адилеттик жана акыйкаттык.

3 Анын алдында от бара жатат, ал Анын тегерегиндеги душмандарын куйкалап жатат.

4 Анын чагылгандары ааламды жарык кылат. Муну көрүп жер титирейт.

5 Тоолор бүт жер жүзүнүн Теңиринин жүзүнөн мом сыяктуу эрип жатат.

6 Асман Анын чындыгын жарыя кылып жатат, бардык элдер Анын даңкын көрүп жатышат.

7 Таш буркандарга кызмат кылгандар жана жасалма кудай менен мактангандар уятка калышсын. Бардык кудайлар, Анын алдына жыгылгыла.

8 Сион тоосу угуп кубанып жатат; Теңир, Сенин адилет сотуң үчүн Жүйүт кыздары кубанып жатышат.

9 Анткени Сен, Теңир, бүт жер жүзүнөн жогору турасың, Сен бардык кудайлардан жогорусуң.

10 Теңирди сүйгөндөр, жамандыкты жек көргүлө! Ал Өзүнүн ыйыктарынын жанын сактайт, аларды кудайсыздардын колунан куткарат.

11 Адил адамга жарык тиет, жүрөгү тазаларга шаттык келет.

12 Адил адамдар, Теңирди ойлоп кубангыла, Анын ыйыктыгын эстеп даңктагыла!

## 97-ЗАБУР

###### Кудай – бүт жер жүзүнүн Соту

1 Забур. Теңирге жаңы ыр ырдагыла, анткени Ал укмуштарды жаратты. Ага Өзүнүн оң колу жана ыйык билеги жеңиш алып берди.

2 Теңир Өзүнүн куткаруу ишин көрсөттү, элдердин көз алдында Өзүнүн чындыгын ачты.

3 Ал Өзүнүн Ысрайылга болгон ырайымын жана ишенимдүүлүгүн эстеди. Бүт жер жүзү биздин Кудайыбыздын куткаруу ишин көрдү.

4 Бүт жер жүзү, Теңирди кубаныч менен даңкта, шаттан, ырда!

5 Теңирге гуслинин коштоосунда ырдагыла, Теңирди гусли менен, забур менен мактагыла.

6 Сурнай менен мүйүздүн коштоосунда Падыша Теңирдин алдында кубангыла.

7 Деңиз шарпылдасын, анда жашагандар шаттанышсын; аалам да, анда жашагандар да кубанышсын.

8 Дарыялар да кол чабышсын, тоолор да чогуу шаттанышсын.

9 Бардыгы Теңирдин алдында кубанышсын, анткени Ал жерди соттогону келе жатат. Ал ааламды акыйкаттык менен соттойт, элдерди туура соттойт.

## 98-ЗАБУР

#### Ыйык Кудайды даңктоо

1 Теңир падышачылык кылып жатат: бүт элдер титиреп турушсун! Ал керуптардын үстүндө отурат: жер титиресин!

2 Теңир Сион тоосунда улуу! Ал бардык элдерден жогору турат.

3 Сенин улуу жана коркунучтуу ысымыңды даңкташсын. Ал ыйык!

4 Сен акыйкаттыкты сүйгөн күчтүү Падышасың. Сен адилеттикти орноттуң. Жакыпка адилеттигиң менен калыстыгыңды көрсөттүң.

5 Кудай-Теңирибизди даңазалагыла, Анын бут алдына келип таазим кылгыла. Ал ыйык!

6 Ыйык кызмат кылуучулардын ичинен Муса менен Арун, Анын атын чакыргандардын ичинен Шемуел Теңирди чакырышкан, Теңир аларды уккан.

7 Теңир аларга булут түрмөгү ичинен сүйлөгөн. Алар Теңир берген осуяттар менен мыйзамды сакташкан.

8 Теңир, биздин Кудайыбыз! Сен аларга кулак салдың. Сен алар үчүн кечире турган жана иштерине жараша жазалай турган Кудай болчусуң.

9 Теңирди, биздин Кудайды, даңазалагыла, Ага Анын ыйык тоосунда табынгыла, анткени Теңир, биздин Кудайыбыз, ыйык.

## 99-ЗАБУР

**Даңктоо ыры**

1 Мактоо забуру. Бүт жер жүзү, Теңирди даңктап ырда!

2 Теңирге кубаныч менен кызмат кылгыла. Анын алдына ыр менен баргыла!

3 Теңирдин Кудай экенин, Ал бизди жаратканын, биз Аныкы экенибизди, Анын эли жана Анын жайытындагы койлору экенибизди таанып билгиле.

4 Анын дарбазаларына даңктоо сөздөр менен, Анын короолоруна мактоо сөздөр менен киргиле. Аны даңктагыла, Анын ысымын даңазалагыла.

5 Анткени Теңир жакшы, Анын ырайымы түбөлүктүү, Анын адилеттиги кылымдан кылымга өкүм сүрөт.

## 100-ЗАБУР

**Дөөт падышанын убадалары**

1 Дөөттүн забуру. Мен ырайым жана акыйкаттык жөнүндө ырдаймын. Теңир, мен Сага ырдаймын.

2 Күнөөсүз жол жөнүндө ой жүгүртөм: «Сен мага качан келесиң?» Мен өз үйүмдө жүрөгүмдүн тазалыгы менен жүрөм.

3 Мен өзүмдүн көз алдыма кереги жок буюмдарды койбойм. Кылмыш ишти жек көрөм, ал мага жабышпайт.

4 Бузулган жүрөк менден алынат, жаман нерсени билбей калам.

5 Өз жакынын жашыруун ушактаганды кууп чыгам. Текебер көзгө жана менменсинген жүрөккө чыдабайм.

6 Менин көздөрүм жердеги ишенимдүүлөрдө, алар менин жанымда турушат. Күнөөсүз жолдо жүргөн адам мага кызмат кылат.

7 Жүзү каралык менен иш кылгандар менин үйүмдө жашабайт, жалган сүйлөгөн адам менин алдымда турбайт.

8 Теңирдин шаарынан мыйзамсыз иш кылгандардын баарын жок кылыш үчүн, жер үстүндөгү кудайсыздардын баарын таң азандан кыра баштайм.

## 101-ЗАБУР

**Кыйналган адамдын сыйынуусу**

1 Кыйналган адамдын сыйынуусу. Ал кайгыга чөгүп, Теңирдин алдында өзүнүн кайгысын төгүп жатат.

2 Теңирим! Менин сыйынуумду ук, менин муң-зарым Сага жетсин.

3 Менден Өз жүзүңдү жашырба, кайгыга чөккөн күнү мага кулак сал. Сени чакырган күнү мени тез ук.

4 Анткени менин өмүрүм түтүн сыяктуу жок болду, сөөктөрүм чычаладай болуп күйүп калды.

5 Жүрөгүм жараланып, чөптөй соолуду, ошондуктан мен өз нанымды жегенди да унутуп коюп жатам.

6 Онтогон үнүм басылбай жатат, этим сөөктөрүмө жабышып калды.

7 Мен чөлдөгү биргазанга окшоп калдым, урандылардын үстүндөгү үкүдөй болуп калдым.

8 Уктабай, там башындагы жалгыз куштай болуп отурам.

9 Күн сайын мени душмандарым кордоп жатышат, жамандык каалагандар мени каргап жатышат.

10 Күлдү нан катары жеп жатам, суусундугумду көз жашым менен аралаштырып ичип жатам.

11 Мунун баары Сенин мага каарданганыңдан, жаалданганыңдан улам болуп жатат, анткени Сен мени жогору көтөрдүң да, кайра жерге кулаттың.

12 Менин өмүрүм өтүп бара жаткан көлөкөдөй, мен чөптөй соолуп калдым.

13 Теңирим, Сен болсо түбөлүк турасың, Сени муундан-муунга унутушпайт.

14 Сен кайра турасың, Сионду аяйсың, анткени ага ырайым кылуучу убакыт келди, анткени белгиленген убакыт келип калды.

15 Сенин кулдарың анын таштарын да сүйүшөт, анын топурагын да аяшат.

16 Ошондо бүт элдер Теңирдин ысымынан коркуп калышат, жер жүзүндөгү бардык падышалар Сенин даңкыңдан коркуп калышат.

17 Анткени Теңир Сионду кайрадан курат жана Өзүнүн даңкы менен келет.

18 Ал алсыздардын сыйынуусуна назарын салат, алардын жалынуусун жек көрбөйт.

19 Бул келе жаткан муун үчүн жазылып калат, ошондо келе жаткан муун Теңирди даңктайт.

20 Анткени Ал Өзүнүн ыйык бийиктигинен жерди карап турат. Теңир асмандан жерге көз салып турат.

21 Ал туткундардын онтогон үнүн угат, өлүмгө кыйылган уулдарды куткарат.

22 Теңирдин ысымын Сиондо жарыя кылыш үчүн, Иерусалимде Аны макташ үчүн,

23 бүт элдер чогулушат, падышачылыктар Теңирге кызмат кылыш үчүн жыйналышат.

24 Теңир менин күчүмдү кетирди, менин күндөрүмдү кыскартты.

25 Ошондо мен: «Кудайым! Мени өмүрүмдүн жарымында алып кетпе. Сенин жылдарың түбөлүктүү», – дедим.

26 Башында Сен жерди негиздегенсиң, асманды да Сенин колдоруң жараткан.

27 Алар жок болушат, Сен болсо түбөлүк жашайсың. Алардын баары чапандай эскирет, Сен аларды кийимдей алмаштырасың, алар өзгөрөт.

28 Бирок Сен ошол бойдонсуң, Сенин жылдарыңдын аягы жок.

29 Сенин кулдарыңдын уулдары жашашат, алардын тукуму Сенин алдыңда бекем болот.

## 102-ЗАБУР

#### Кудайды даңктоо

1 Дөөттүкү. Менин жаным, Теңирди даңкта; менин бүт ички дүйнөм, Анын ыйык ысымын даңкта.

2 Менин жаным, Теңирди даңкта, Анын бардык жакшы иштерин унутпа.

3 Ал сенин бардык мыйзамсыз иштериңди кечирет, сенин бүт ооруларыңды айыктырат.

4 Сенин өмүрүңдү көрдөн куткарат, ырайымы жана мээрими менен чулгайт.

5 Сенин жашооңду жакшылыкка толтурат, жаштыгың бүркүттүкүндөй жашарат.

6 Кордук көргөндөргө Теңир адилеттигин жана акыйкаттыгын көрсөтөт.

7 Ал Өзүнүн жолдорун Мусага, Өзүнүн иштерин Ысрайыл уулдарына көрсөттү.

8 Теңир кайрымдуу жана ырайымдуу, чыдамдуу жана абдан боорукер.

9 Ал аягына чейин каарданбайт, Ал түбөлүк ачуулана бербейт.

10 Ал бизге мыйзамсыз иштерибизге жараша жасаган жок, бизди күнөөлөрүбүзгө жараша жазалаган жок.

11 Анткени асман жерден кандай бийик болсо, Теңирден корккондорго Анын ырайымы ошондой зор.

12 Чыгыш батыштан канчалык алыс болсо, Ал биздин мыйзамсыз иштерибизди бизден ошончолук алыстатты.

13 Атасы балдарына ырайым кылгандай, Теңир Өзүнөн корккондорго ырайым кылат.

14 Анткени Ал биздин түзүлүшүбүздү билет, биздин топурак экенибизди билет.

15 Адамдын өмүрү чөп сыяктуу. Ал талаадагы гүлдөй гүлдөйт.

16 Анын үстүнөн шамал жүрсө, ал жок болот, ал өскөн жер аны таанычбай калат.

17 Ал эми Теңир ырайымын Өзүнөн корккондорго кылымдан кылымга көрсөтөт.

18 Адилеттигин Өзүнүн келишимин сактаган, башкача айтканда, Өзүнүн осуяттарын унутпай аткарган уулдарынын уулдарына көрсөтөт.

19 Теңир Өз тактысын асманга орнотту, Ал бардыгынын үстүнөн падышачылык кылат.

20 Теңирдин сөзүнө баш ийип, Анын сөзүн аткарган Анын күчтүү периштелери, Теңирди даңктагыла!

21 Анын бүт кошуундары, Анын эркин аткарган кызматчылары, Теңирди даңктагыла!

22 Анын бардык иштери, Ал бийлик кылган бардык жерде Теңирди даңктагыла. Менин жаным, Теңирди даңкта!

## 103-ЗАБУР

**Жаратканды даңктоо**

1 Менин жаным, Теңирди даңкта! Теңирим, Кудайым! Сен укмуштуудай улуусуң, Сен даңк менен улуулукка чулгангансың.

2 Сен жарыкты чапандай киесиң, асманды чатырдай жаясың.

3 Сен үстүнкү бөлмөлөрүңдү суулардын үстүнө кургансың, булуттарды Өзүңө араба кыласың, шамалдын канаттарынын үстүндө жүрөсүң.

4 Сен Өз периштелериңди шамал, Өз кызматчыларыңды жалындаган от кыласың.

5 Сен жерди бекем негизге орноттуң: ал кылымдан кылымга бекем турат.

6 Сен анын үстүн түпсүздүк менен жабуу жапкандай жаптың. Тоолорго сууларды жайгаштырдың.

7 Сенин катуу буйругуңдан суулар качты, Сенин күркүрөгөн үнүңдөн качканча шашышты.

8 Алар Сен дайындаган тоолорго чыгышат, өрөөндөргө түшүшөт.

9 Сен алар өтө алгыс чек койдуң, ошондуктан алар жерди жабыш үчүн кайрылып келбейт.

10 Сен булактын сууларын жибердиң: алар тоо арасынан агып жатышат,

11 алар талаадагы жаныбарлардын баарын сугарат; жапайы эшектер суусунун кандырып жатышат.

12 Алардын жанында асман куштары жашашат, бутактардын арасынан үн салып турушат.

13 Өз бийиктиктериңден тоолорду сугарып турасың, жер Сенин иштериңдин жемишине тоёт.

14 Сен мал үчүн чөп өстүрөсүң, адамдын пайдасы үчүн өсүмдүк өстүрөсүң, жерден азык өндүрөсүң.

15 Адамдын жүрөгүн кубандырган шарапты, адамдын жүзүн жылтыраткан зайтун майын, адамга кубат берген нанды бересиң.

16 Теңир Өзү отургузган Теңирдин дарактары, Лебанон кедрлери, сугарылат.

17 Алардын үстүнө куштар уя салышат: карагайлар – илегилектердин турак жайы,

18 бийик тоолор – кийиктердин жайы, аскалар – суурлардын баш паанеги.

19 Айды Ал убакытты билдирүү үчүн жаратты, күн өзүнүн качан батарын билет.

20 Сен караңгылык каптатасың, ошондо түн болот. Түн ичинде бүт токой жаныбарлары жортуп жүрүшөт.

21 Арстандар жем издеп айкырышат, Кудайдан өздөрүнө тамак сурашат.

22 Күн чыкканда алар чогулуп, өздөрүнүн үңкүрлөрүнө жатышат.

23 Адам өзүнүн жумушуна чыгып, кечке чейин иштейт.

24 Сенин иштериң кандай көп, Теңир! Сен баарын даанышмандык менен жасагансың.
Жер Сен жараткан нерселерге толгон.

25 Мына, чалкыган улуу деңиз. Андагы тирүү жандыктарга, чоң-кичине жаныбарларга сан
жетпейт.

26 Анда кемелер сүзүп жүрөт, анда Сен жараткан лебийатан оюн салып жүрөт.

27 Бардыгы Сенин өз маалында тамак берүүңдү күтүшөт.

28 Аларга берсең – жешет, колуңду ачсаң – берекеңе тоюшат.

29 Жүзүңдү жашырсаң – дүрбөлөңгө түшүшөт, алардын жанын алсаң – өлүп, кайра
топуракка айланышат.

30 Эгерде Өзүңдүн рухуңду жиберсең – алар жаралышат. Ошентип, Сен жер бетин
кайрадан жаңыртасың.

31 Теңир түбөлүккө даңктала берсин! Теңир Өз иштерин көрүп кубансын!

32 Жерди караса, жер титирейт; тоолорго тийсе, тоолор түтөйт.

33 Өмүрүм өткөнчө, Теңирди даңктап ырдай берем; көзүм тирүү турганда, Кудайымды
ырдап даңктай берем.

34 Ырдаган ырым Ага жаксын, Теңир менен кубанам.

35 Күнөөкөрлөр жер үстүнөн жок болушсун, мыйзамсыздар биротоло жок болушсун.
Менин жаным, Теңирди даңкта! Теңирди даңктагыла!

## 104-ЗАБУР

**Кудай жана Анын эли**

1 Теңирди даңктагыла. Анын ысымын чакыргыла. Анын иштерин бүт элдерге жарыя
кылгыла.

2 Аны мактап ырдагыла, Ага ырдагыла. Анын бардык кереметтери жөнүндө айтып
ырдагыла.

3 Анын ыйык ысымы менен мактангыла. Теңирди издегендердин жүрөгү кубансын.

4 Теңирди жана Анын күчүн издегиле, Анын жүзүн ар дайым издегиле.

5 Ыбрайымдын тукуму, Анын кулдары, Жакыптын уулдары, Анын тандалган адамдары,
силер,

6 Ал жасаган кереметтерди, Анын жышаандарын жана Анын оозунан чыккан өкүмдөрүн эсиңерге салгыла.

7 Ал биздин Кудай-Теңирибиз. Бүт жер жүзүндө Анын өкүмдөрү ишке ашып жатат.

8 Ал Өзүнүн келишимин, муундан муунга осуят кылган сөзүн түбөлүккө унутпайт.

9 Ал сөз – Ыбрайымга берилген осуят, Ыскакка берилген ант.

10 Аны Жакыпка мыйзам кылып, Ысрайылга түбөлүк келишим кылып берген.

11 Ал: «Канаан жерин мураска берем», – деген.

12 Ошол убакта алардын саны аз эле, өтө эле аз эле. Ал жерде алар келгин эл болуп жашап турушкан.

13 Алар бир элден бир элге, бир өлкөдөн бир өлкөгө барып жер кезишкен.

14 Аларды эч кимге кордоткон эмес, падышаларга мындай деп эскерткен:

15 «Менин майлангандарыма тийбегиле, Менин пайгамбарларыма жамандык кылбагыла».

16 Жерге ачарчылык чакырган, бардык эгинди жок кылган.

17 Алардын алдына бир адамды жиберген: Жусуп кулдукка сатылган.

18 Анын буттарын кишен менен кысышкан, анын жаны темир торго кирген.

19 Теңирдин сөзү ишке ашканга чейин ушундай болду: аны Теңирдин сөзү сынады.

20 Падыша киши жиберип, аны эркиндикке чыгарды; аны эл башчысы бошотту.

21 Төрөлөрүнө өзү каалагандай көрсөтмө берип, аксакалдарга акыл үйрөтүшү үчүн,

22 падыша аны падыша сарайынын, өз мал-мүлкүнүн үстүнө башкаруучу кылып койду.

23 Ошондо Ысрайыл Мисирге келди, Жакып Хам жерине көчүп келди.

24 Кудай Өз элин аябай көбөйттү, аны душмандарынан күчтүү кылды.

25 Алардын жүрөгүн Өз элин жек көрүүгө, Өз кулдарына каршы куулук кылууга козгоду.

26 Анан Өз кулу Мусаны, Өзү тандап алган Арунду жөнөттү.

27 Алар Хам жеринде Теңирдин сөзү боюнча жышаандарды жана кереметтерди көрсөтүштү.

28 Караңгылык жиберип, караңгы кылды, ошондо эч ким Анын сөзүнө каршы чыккан жок.

29 Алардын сууларын канга айландырып, балыктарын кырып жок кылды.

30 Алардын жерин, атүгүл, падышаларынын уктоочу бөлмөлөрүн да курбака каптап калды.

31 Ал айтары менен, алардын бардык жерин ар кандай курт-кумурска, чымын-чиркей каптап калды.

32 Алардын жерине жамгыр ордуна мөндүр, куйкалаган от жиберди.

33 Алардын жүзүмзарлары менен анжырларын талкалады, алардын аймагындагы бак-дарактарды кыйратты.

34 Ал айтары менен, сан жеткис чегиртке, кырк аяк каптап калды.

35 Алардын жериндеги чөптүн баарын, талааларындагы жемиштерди жеп салышты.

36 Теңир ошол жердеги бардык тунгучтарды, алардын күч башаттарынын баарын кырып салды.

37 Анан ысрайылдыктарды алтын, күмүш менен алып чыкты, алардын урууларында ооругандар болгон жок.

38 Мисир эли алардын кеткенине кубанды, анткени алардан коркуп калышкан эле.

39 Теңир аларды калкалоого булут жөнөттү, аларга түн ичинде жарык берип турушу үчүн, от жиберди.

40 Алар сурашты, ошондо Ал бөдөнөлөрдү жиберди, аларды асман наны менен тойгузду.

41 Ташты жарды, ошондо суулар акты, суулар кургак жерлерге дарыя болуп акты.

42 Анткени Ал Өз кулу Ыбрайымга айткан Өзүнүн ыйык сөзүн эстеди.

43 Ошентип, Ал Өз элин кубаныч менен алып чыкты, Өзүнүн тандалган адамдарын салтанат менен алып чыкты.

44 Алар Өзүнүн буйруктарын аткарышы үчүн, мыйзамдарын сакташы үчүн,

45 Теңир аларга башка элдердин жерлерин берди, алар бөлөк элдердин мал-мүлкүн ээлеп алышты. Теңирди даңктагыла!

**105-ЗАБУР**

**Ысрайылдын күнөөлөрү жөнүндө**

1 Теңирди даңктагыла. Теңирди даңктагыла, анткени Ал жакшы, анткени Анын ырайымы түбөлүктүү.

2 Кудайдын кудуреттүү иштерин ким айтып бүтө алат? Анын бүт даңкын ким жар салып бүтө алат?

3 Акыйкаттыкты сактагандар жана адилет иш кылгандар бактылуу!

4 Өз элиңе ырайым кылганда, мени эсте, Теңирим. Мага Өзүңдүн куткарууң менен кел!

5 Өзүң тандап алгандардын жыргал турмушун көрөйүн, элиңдин кубанганын көрүп кубанайын, Өзүңдүн мурасың менен сыймыктанайын.

6 Биз өзүбүздүн ата-бабаларыбызга окшоп күнөө кетирдик, мыйзамсыз иштерди кылдык, жалган иштерди жасадык.

7 Биздин ата-бабаларыбыз Мисирде Сенин кереметтериңди түшүнүшкөн жок, Сенин көп жолу көрсөткөн ырайымыңды эстешкен жок, деңиздин жанында, Кызыл деңиздин жанында нааразы болушту.

8 Бирок Теңир аларды Өз ысымы үчүн, Өз кудуретин көрсөтүү үчүн куткарды.

9 Ал Кызыл деңизге катуу сүйлөдү эле, ал соолуп калды. Аларды тереңдиктен кургак жер менен өткөндөй алып өттү.

10 Аларды жек көргөндөрдүн колунан куткарды, душмандардын колунан бошотту.

11 Суу алардын душмандарын басып калды, алардын бири да тирүү калган жок.

12 Ошондо алар Теңирдин сөзүнө ишенип, Аны даңктап ырдашты.

13 Бирок Анын иштерин тез эле унутуп коюшту, Анын буйруктарын күтүшкөн жок.

14 Алар чөлдө каалоолоруна берилишти, Кудайды эл жашабаган жерде сынашты.

15 Теңир алардын сураганын аткарды, бирок алардын жандарына оору жиберди.

16 Алар кошуунда Теңирдин ыйыктары Муса менен Арунга көз артышты.

17 Жер ачылып, Датанды жутуп алды; Абырамды тууган-уругу менен кошо жер басып калды.

18 Алар топтошкон жерден от чыкты, кудайсыздарды жалын күйгүзүп кетти.

19 Алар Хореп тоосунда музоо жасап алып, ошол жасалма кудайга табынышты.

20 Ошентип, өздөрүнүн даңкын чөп жеген музоонун айкелине алмаштырышты.

21 Мисирде улуу ишти жасаган өздөрүнүн куткаруучу Кудайын унутуп коюшту.

22 Анын Хам жеринде көрсөткөн кереметтерин, Кызыл деңизде кылган коркунучтуу иштерин унутуп коюшту.

23 Ошондо Кудай аларды кырып салгысы келди, бирок Кудайдын тандап алган адамы Муса Анын каарын токтотуу үчүн, асканын жаракасына тура калды, болбосо Кудай алардын баарын кырып салмак.

24 Алар өздөрү эңсеген жерди жек көрүштү, Анын сөзүнө ишенишкен жок.

25 Өз чатырларында наалышты, Теңирдин үнүнө кулак салышкан жок.

26 Ошондо Кудай Өзүнүн колун көтөрүп, аларды чөлдө жок кылам деп,

27 алардын тукумун башка элдердин арасында кыйратам деп, аларды жер жүзүнө таратып жиберем деп ант берди.

28 Алар Баал-Пейор деген жасалма кудайга жабышып, жансыз кудайларга чалынган курмандыктарды жешти.

29 Алар Кудайды өздөрүнүн иштери менен каардантышты, ошондо аларды жугуштуу оору каптады.

30 Пинехас чыгып, акыйкат чара көрдү, ошондо жугуштуу оору токтоду.

31 Бул ага кылымдар бою, укумдан-тукумга адилеттик катары эсептелинди.

32 Алар Мериба суусунун боюнда Кудайды каардантышты, алар үчүн Муса жабыр тартты.

33 Анткени алар анын рухун капалантышты, ошондо Муса тили менен күнөө кетирди.

34 Алар Теңир айткан элдерди жок кылышкан жок.

35 Тескерисинче, бутпарас элдер менен аралашып, алардын иштерин үйрөнүп алышты.

36 Алардын жасалма кудайларына кызмат кылышты, ошолор алар үчүн тор болду.

37 Өздөрүнүн уулдары менен кыздарын жиндерге курмандыкка чалышты.

38 Айыпсыз кан төгүштү, өздөрүнүн уулдары менен кыздарынын канын төгүштү, аларды канаандыктардын жасалма кудайларына арнап курмандыкка чалышты. Ошентип, жер кан менен булганды.

39 Өз иштери менен өздөрүн булгашты, иш-аракети менен бузукулук кылышты.

40 Ошондо Кудай Өз элине каарданды, Өз мурасынан жийиркенди.

41 Ошон үчүн аларды бутпарастардын колуна салып берди, аларды жек көргөндөр аларды башкарып калышты.

42 Аларды өз душмандары кысымга алышты, алар душмандарынын кол астында моюн сунушту.

43 Теңир аларды көп жолу куткарган эле, бирок алар Теңирди өздөрүнүн кежирлиги менен каардантышты. Ошентип, алар өздөрүнүн мыйзамсыз иштери үчүн кордолушту.

44 Бирок Кудай алардын ыйын укканда, алардын кайгысына назар салды.

45 Өзүнүн алар менен түзгөн келишимин эстеди. Аябай ырайымдуу болгондуктан, аларды аяды.

46 Аларды туткундагандардын жүрөгүндө боорукердикти ойготту.

47 Бизди куткар, Кудай-Теңирибиз, бизди башка элдердин арасынан чогултуп ал. Биз Сенин ыйык ысымыңды даңктайлы, Сенин даңкың менен мактаналы.

48 Ысрайылдын Кудай-Теңири кылымдан кылымга даңктала берсин! Ошондо бүт эл: «Оомийин! Теңирди даңктагыла!» – десин.

**БЕШИНЧИ КИТЕП**

## 106-ЗАБУР

**Кудайдын Өз элине ырайым кылуусу**

1 «Теңирди даңктагыла, анткени Ал жакшы, анткени Анын ырайымы түбөлүктүү!»

2 Душмандын колунан Теңир Өзү куткарып алгандар ушинтип айтышсын.

3 Кудай аларды чыгыш менен батыштагы, түндүк менен түштүктөгү өлкөлөрдөн чогултту.

4 Алар чөлдө, эл жүрбөгөн жолдо адашып жүрүштү, эл отурукташкан шаар таба алышпады.

5 Ачка болушту, суусашты, алардын жаны алсырады.

6 Алар кыйналганда, Теңирди чакырышты, ошондо Теңир аларды кыйынчылыктарынан куткарды.

7 Аларды эл отурукташкан шаарга жеткириш үчүн, түз жол менен алып барды.

8 Теңирди ырайымы үчүн, адам баласына көрсөткөн керемет иштери үчүн даңкташсын!

9 Анткени Ал суусагандын суусунун кандырды, ачка болгонду жакшылыкка тойгузду.

10 Алар азап чегип, темир менен кишенделип, караңгыда, өлүм көлөкөсүндө отурушту.

11 Анткени алар Кудайдын сөздөрүнө моюн сунбай коюшту, Бардыгынан Жогору Тургандын чечимдерин четке кагышты.

12 Теңир алардын жүрөгүн оор жумуш менен моюн сундурду; алар мүдүрүлүп жыгылганда, жардам берер эч ким болгон жок.

13 Алар кыйналганда, Теңирди чакырышты, ошондо Теңир аларды кыйынчылыктарынан куткарды.

14 Теңир аларды караңгылыктан жана өлүм көлөкөсүнөн куткарды, аларды байлаган кишендерди талкалады.

15 Теңирди ырайымы үчүн, адам баласына көрсөткөн керемет иштери үчүн даңкташсын!

16 Анткени Ал жез дарбазаларды талкалады, темир торлорду сындырды.

17 Акылы жоктор өздөрүнүн мыйзамсыз жолдору үчүн, жалган иштери үчүн азап тартышты.

18 Алардын жаны ар кандай тамакты танды, алар өлүм дарбазасына жакындап калышкан.

19 Алар кыйналганда, Теңирди чакырышты, ошондо Теңир аларды кыйынчылыктарынан куткарды.

20 Ал Өз Сөзүн жиберип, аларды айыктырды, аларды өздөрүнүн көрүнөн куткарды.

21 Теңирди ырайымы үчүн, адам баласына көрсөткөн керемет иштери үчүн даңкташсын!

22 Ага мактоо курмандыгын арнагыла, Анын кылган иштерин ыр менен жар салгыла!

23 Кеме менен деңизге чыккандар, чоң сууларда иш жүргүзгөндөр

24 Теңирдин иштерин жана кереметтерин деңиздин тереңинен көрүшөт:

25 Ал сүйлөгөндө катуу шамал болуп, анын толкундарын бийик көтөрөт.

26 Алар асманга чейин көтөрүлүп, деңиздин түбүнө түшөт. Баштарына кыйынчылык түшкөндө, алардын жаны кыйналат.

27 Алар мас кишидей теңселип, темтеңдешет, ошондо алардын бүт акылмандыгы жоголот.

28 Алар кыйналганда, Теңирди чакырышты, ошондо Теңир аларды кыйынчылыктарынан куткарды.

29 Ал бороонду тынчтандырат, ошондо толкундар басылат.

30 Ошондо алар толкундун басылганына кубанышат, Теңир аларды өздөрү каалаган кеме токтоочу жерге жеткирет.

31 Теңирди ырайымы үчүн, адам баласына көрсөткөн керемет иштери үчүн даңкташсын!

32 Аны элдердин жыйынында даңазалашсын, Аны аксакалдар жыйынында даңкташсын!

33 Ал дарыяларды чөлгө айландырат, суу башаттарын кургактыкка айландырат.

34 Тургундарынын мыйзамсыздыгы үчүн түшүмдүү жерди шор жерге айландырат.

35 Ал чөлдү көлгө айландырат, какшыган жерди суу башаттарына айландырат.

36 Ал жерге ач-жылаңачтарды отурукташтырат, алар ал жерге шаар куруп жашашат.

37 Талааларга эгин айдашат, жүзүмзар отургузушат, жүзүмзарлар аларга мол түшүм берет.

38 Кудай аларга батасын берет, ошондо алар сан жеткис болуп көбөйүшөт, алардын малы да азайбайт.

39 Алар азайышты; алар эзүүдөн, кыйынчылыктардан, кайгыдан кырылышты.

40 Ал төрөлөрдү уятка калтырып, аларды жолдору жок чөлдө адаштырып таштайт.

41 Жакырды болсо кыйынчылыктан куткарат, анын укум-тукумун короо-короо койлордой көбөйтөт.

42 Адил адамдар муну көрүп кубанышат, ал эми кудайсыздар ооздорун басышат.

43 Ким акылдуу болсо, ал муну байкайт жана Теңирдин ырайымын түшүнөт.

## 107-ЗАБУР

**Кудайды ырайымы үчүн даңктоо**

1 Ыр. Дөөттүн забуру.

2 Кудайым, Менин жүрөгүм даяр. Мен ырдайм, аспап чертип ырдайм, ойгон, жаным!

3 Ойгон, арфа жана гусли! Мен эрте турам.

4 Теңир, мен Сени элдер арасында даңктайм. Мен Сени урууларда арасында мактап ырдайм.

5 Анткени Сенин ырайымың асмандан бийик, Сенин ишенимдүүлүгүң булуттарга чейин жетет.

6 Жогору көкөлө, Кудайым. Бүт жер үстүндө Сенин даңкың болсун.

7 Сенин сүйүктүүлөрүң бошотулсун: мени Өзүңдүн оң колуң менен куткар, мага кулак сал.

8 Кудай Өзүнүн ыйык жайында мындай деди: «Жеңишке жетем, Шекемди бөлөм, Сукот өрөөнүн өлчөйм.

9 Гилат да, Менаше да Меники, Эпрайым – Менин башымдагы туулга, Жүйүт Менин бийлик таягым.

10 Маап Менин жууна турган чылапчыным. Эдомго өтүгүмдү сунам. Пелишти жерин жеңип, жеңиш үнү менен кыйкырам».

11 Ким мени бекем чептүү шаарга киргизет? Ким мени Эдомго жеткирет?

12 Кудайым, Сен бизди таштап койдуңбу? Кудайым, биздин аскерлер менен согушка чыкпайсыңбы?

13 Бизге кысталышта жардам бер, анткени адамдын жардамы – курулай убаракерчилик.

14 Кудай менен күчтүүбүз, Ал душмандарыбызды кулатат.

## 108-ЗАБУР

**Куугунтукта жүргөн адамдын душмандарынан өч алуусун сурап Кудайга сыйынуусу**

1 Ырчылар тобунун башчысына. Дөөттүн забуру. Мен даңктаган Кудай! Унчукпай койбо.

2 Анткени кудайсыздар менен арамзалар мага каршы ооздорун ачышты, алар мага калп сүйлөп жатышат.

3 Мага бардык жактан, туш-туштан жек көрүү менен сүйлөшөт, мага каршы себепсиз эле куралданып жатышат.

4 Сүйүүм үчүн алар мага каршы чыгып жатышат, мен болсо сыйынып жатам.

5 Жакшылыгым үчүн мага жамандык кылып жатышат, сүйүүм үчүн мени жек көрүп жатышат.

6 Анын үстүнө кудайсызды кой, айыптоочу анын оң жагында турсун.

7 Сот болгондо, күнөөлүү болуп чыксын, анын сыйынуусу күнөө болуп эсептелсин.

8 Анын өмүрү кыска болсун, анын ардактуу ордун башка бирөө алсын.

9 Анын балдары жетим калсын, аялы жесир калсын.

10 Балдары тентип, кайыр сурашсын, өздөрүнүн ураган үйүнүн алдында тамак сурап отурушсун.

11 Карыз берген адам анын болгон нерсесин көтөрүп кетсин, анын эмгегин башка бирөөлөр талап кетишсин.

12 Ага эч кимдин боору оорубасын, анын жетимдерине эч ким ырайым кылбасын.

13 Анын тукуму кырылсын, алардын аты өчсүн.

14 Анын ата-бабаларынын мыйзамсыз иштери Теңирдин алдында унутулбасын, анын энесинин күнөөсү өчүрүлбөсүн.

15 Алар ар дайым Теңирдин көз алдында болушсун, Теңир алардын ысымын жер үстүнөн өчүрсүн.

16 Анткени ал ырайым кылуу жөнүндө ойлогон жок, тескерисинче, бей-бечара, жакыр, жүрөгү жаралуу адамды өлтүрүш үчүн куугунтукка алган.

17 Каргышты жакшы көрдү, ал анын башына тийди. Батаны каалаган жок, андан ажырады.

18 Каргышты чапандай кийип жүрсүн; каргыш суудай болуп, анын ичине кирсин; майдай болуп, анын сөөгүнө кирсин.

19 Каргыш ага кийип жүргөн кийимдей болсун, ар дайым өзү курчанып жүргөн курдай болсун.

20 Менин душмандарым жана мага каршы сүйлөгөндөр Теңирден ушундай жаза алышат!

21 Мага болсо, Теңирим, Теңирим, Өз ысымың үчүн кыл, анткени Сенин ырайымың жакшы, мени куткар.

22 Анткени мен жардымын жана жакырмын, менин жүрөгүм жаралуу.

23 Мен өтүп бара жаткан көлөкөдөй жок болуп бара жатам. Мени чегирткедей кубалап жатышат.

24 Орозодон тизелерим алсырады, денемден май кетти.

25 Мен аларга күлкү болдум. Мени көргөндө, баштарын чайкашат.

26 Мага жардам бер, Теңирим, Кудайым! Мени Өзүңдүн ырайымың менен куткар.

27 Теңирим, бул Сенин колуң экенин, муну Сен кылганыңды билишсин.

28 Алар каргап жатышат, бирок Сен мага батаңды бер, алар каршы чыгып жатышат, бирок уятка калышсын, Өзүңдүн кулуң болсо кубансын.

29 Душмандарымдын абийири төгүлсүн, шылдыңды кийимдей кийишсин.

30 Ошондо мен катуу үн менен Теңирди даңктайм, сансыз элдин арасында Аны даңазалайм.

31 Анткени жанын соттогондордон куткаруу үчүн, Теңир жакырдын оң жагында турат.

## 109-ЗАБУР

**Кудай Атанын Уулуна кайрылуусу**

1 Дөөттүн забуру. Теңир менин Теңириме: «Мен Сенин душмандарыңды бут алдыңа жыкканга чейин, Менин оң жагыма отур», – деди.

2 Теңир Сенин күчүңдүн таягын Сиондон жиберет: Өз душмандарыңдын арасында бийлик жүргүз.

3 Сен жеңген күнү элиң ыйык кийим кийип, даяр турушат. Сенин уулдарың таң ата электе эле түшкөн шүүдүрүмдөй болуп, Сага келишет.

4 Теңир ант берген, аны өзгөртпөйт: «Сен Малки-Седек даражасындагы түбөлүктүү ыйык кызмат кылуучусуң».

5 Теңир Сенин оң жагыңда. Ал Өз каарын төккөн күнү падышаларды өлтүрөт.

6 Бүт элдерди соттойт, жер бетин өлүккө толтурат, кенен жерде душмандардын баштарын талкалайт.

7 Жолдо шар аккан суудан ичет, ошондуктан башын жогору көтөрөт.

## 110-ЗАБУР

**Теңирден коркуу жөнүндө**

1 Теңирди даңктагыла. Теңирим, мен Сени чын жүрөгүм менен адил адамдардын кеңешмесинде жана жыйындарда даңктайм.

2 Теңирдин иштери улуу, Анын иштерин сүйгөндөрдүн бардыгына алар суктанарлык.

3 Анын иши – даңк жана сулуулук, Анын адилеттиги түбөлүктүү.

4 Ал Өзүнүн кереметтерин унутулгус кылып койгон. Теңир ырайымдуу жана боорукер.

5 Теңир Өзүнөн корккондорго тамак берет. Өз келишимин түбөлүккө унутпайт.

6 Бутпарастардын мурасын Өз элине берүү үчүн, ага Өз иштеринин күчүн көрсөттү.

7 Анын колунун иштери – чындык жана акыйкаттык. Анын осуяттары туура,

8 кылымдан кылымга бекем турат, чындык менен адилеттикке негизделген.

9 Ал Өз элине куткаруу жөнөттү. Өз келишимин түбөлүккө сактаганга берди. Анын ысымы ыйык жана коркунучтуу!

10 Акылмандыктын башталышы – Теңирден коркуу. Анын буйруктарын аткаруучулардын баары акылдуу. Даңк Ага түбөлүккө таандык.

## 111-ЗАБУР

###### Теңирден корккон адам бактылуу

1 Теңирди даңктагыла. Теңирден корккон жана Анын осуяттарын чын жүрөктөн сүйгөн адам бактылуу.

2 Анын тукуму жер үстүндө күчтүү болот. Адил адамдардын тукуму Кудайдын батасын алат.

3 Анын үйүндө молчулук жана байлык болот, анын адилеттиги түбөлүктүү.

4 Караңгыда адил адамдарга жарык болот, анткени Ал ырайымдуу, боорукер жана адилет.

5 Жакшы адам ырайым кылып, карыз берет. Ал өз иштерин адилеттик менен жүргүзөт.

6 Ал эч качан мүдүрүлбөйт, адил адам эч качан унутулбайт.

7 Ал жаман сөздөн коркпойт, Теңирге таянгандыктан, анын жүрөгү бекем.

8 Анын жүрөгү туруктуу. Ал душмандарын көргөндө, коркуп кетпейт.

9 Ал өзүнүн мал-мүлкүн жакырларга марттык менен таратып берди. Анын адилеттиги түбөлүктүү, анын мүйүзү даңк менен көккө көтөрүлөт.

10 Кудайсыз адам муну көрүп ачууланат, тиштерин кычыратып, өзүнөн өзү жок болот. Кудайсыздардын тилеги орундалбайт.

## 112-ЗАБУР

**Теңирди кылган жакшылыктары үчүн даңктоо**

1 Теңирди даңктагыла. Теңирдин кулдары, Теңирди даңктагыла, Теңирдин ысымын даңктагыла!

2 Теңирдин ысымы азыр жана түбөлүккө даңктала берсин.

3 Күн чыгыштан күн батышка чейин Теңирдин ысымы даңкталсын.

4 Теңир бардык элдерден жогору, Анын даңкы асмандан жогору.

5 Биздин Кудай-Теңирибиздей ким бар?

6 Жогоруда тактыда отурган Ал асман менен жерге көз салып туруш үчүн, бийиктен эңкейет.

7 Кедейди топурактан көтөрүп, жакырды балчыктан чыгарат.

8 Аны төрөлөр менен, элдин башчылары менен бирге отургузат.

9 Үйүндө отурган төрөбөгөн аялды балдарына кубанган эне кылат. Теңирди даңктагыла!

## 113-ЗАБУР

**Тирүү Кудай жана жасалма кудайлар жөнүндө**

1 Ысрайыл эли Мисирден, Жакыптын тукуму бөлөк элдердин арасынан чыккан кезде,

2 Жүйүт Теңирдин ыйык эли болуп калды, Ысрайыл Анын энчиси болуп калды.

3 Муну көрүп, деңиз артка качты; Иордан артты көздөй акты.

4 Тоолор койлордой, адырлар козулардай секирди.

5 Деңиз, сага эмне болду, эмнеге артка качтың? Иордан, сага эмне болду, эмнеге артты көздөй актың?

6 Тоолор, силер эмне үчүн койлордой, адырлар, силер эмне үчүн козулардай секирип жатасыңар?

7 Жер, Теңирдин алдында, Жакыптын Кудайынын алдында титире.

8 Ал асканы көлдүн суусуна, ташты булакка айландырат.

9 Бизди эмес, Теңир, бизди эмес, Өз ырайымың үчүн, Өз чындыгың үчүн Өз ысымыңды даңкта!

10 Бутпарастар: «Булардын Кудайы кайда?» – деп айтышпасын.

11 Биздин Кудайыбыз асманда; эмнени кааласа, ошону кылат.

12 Ал эми тигилердин жасалма кудайлары – күмүш жана алтын, адамдын колу менен жасалган нерселер.

13 Алардын ооздору бар, бирок сүйлөбөйт; алардын көздөрү бар, бирок көрбөйт.

14 Алардын кулактары бар, бирок укпайт; алардын мурундары бар, бирок жыт билбейт.

15 Алардын колдору бар, бирок сезбейт; алардын буттары бар, бирок баса албайт; алардын көмөкөйүнөн үн чыкпайт.

16 Аларды жасагандар жана алардан үмүт кылгандардын баары ошолорго окшоп калышсын.

17 Ысрайыл тукуму! Теңирге таян: Ал биздин жардам берүүчүбүз жана калканыбыз.

18 Арундун тукуму! Теңирге таян: Ал биздин жардам берүүчүбүз жана калканыбыз.

19 Теңирден корккондор! Теңирге таянгыла: Ал биздин жардам берүүчүбүз жана калканыбыз.

20 Теңир бизди унуткан жок, бизге батасын берип жатат, Ысрайылдын тукумуна батасын берип жатат, Арундун тукумуна батасын берип жатат.

21 Ал Теңирден корккондорго – чоңдорго да, кичинелерге да батасын берип жатат.

22 Теңир силерге да, силердин балдарыңарга да мындан да көп батасын берсин.

23 Силер асман менен жерди жараткан Теңирден бата алгансыңар.

24 Асман – Теңирдин асманы, ал эми жерди Ал адам баласына берген.

25 Теңирди өлгөндөр, көргө киргендердин бири да даңазалабайт.

26 Бирок биз Теңирди азыр жана түбөлүккө даңазалайбыз.

## 114-ЗАБУР

#### Куткарылгандагы кубаныч

1 Теңир менин үнүмдү, жалынуумду укканына кубанам.

2 Ал мага кулак салды, ошондуктан мен Аны өмүрүм өткөнчө чакырам.

3 Мени өлүм торлору чырмап алды, мага өлгөндөр жаткан жайдын кыйноолору жетти;
мен кысталышта калдым, кайгыга туш болдум.

4 Ошондо мен: «Теңир! Менин жанымды куткар», – деп, Теңирдин ысымын чакырдым.

5 Теңир ырайымдуу жана адилет, биздин Кудайыбыз боорукер.

6 Теңир куулугу жок адамдарды сактайт: мен алсырап калганда, Ал мага жардам берди.

7 Жаным, өзүңдүн бейпил жайыңа кайт, анткени Теңир сага ырайым кылды.

8 Сен менин жанымды өлүмдөн, көздөрүмдү жаштан, буттарымды мүдүрүлүүдөн
куткардың.

9 Мен Теңирдин алдында, тирүүлөрдүн жеринде жашайм.

## 115-ЗАБУР

###### Кылган жакшы иштери үчүн Теңирге убадаларды берүү

1 Мен ишенгем, ошондуктан: «Мен катуу кыйналдым», – дедим.

2 Мен ойлонбой туруп: «Бардык адамдар алдамчы», – дедим.

3 Теңирдин мага кылган бардык жакшылыгын кантип актайм?

4 Куткаруу чөйчөгүн кабыл алып, Теңирдин ысымын чакырам.

5 Теңирге берген убадаларымды Анын бүт элинин алдында аткарам.

6 Теңирдин көз алдында Өзүнүн ыйыктарынын өлүмү кымбат!

7 О Теңир! Мен Сенин кулуңмун, мен Сенин кулуңмун, мен Сенин күңүңдүн уулумун.
Сен менин кишендеримди чечтиң.

8 Сага мактоо курмандыгын арнайм, Теңирдин ысымын чакырам.

9 Теңирге берген убадаларымды Анын бүт элинин алдында аткарам.

10 Аларды Теңир үйүнүн короосунда, Иерусалим, сенин ичиңде аткарам! Теңирди
даңктагыла!

## 116-ЗАБУР

###### Теңирди даңктоо

1 Бардык элдер, Теңирди мактагыла! Бардык уруулар, Аны даңктагыла!

2 Анткени Анын бизге көрсөткөн ырайымы эбегейсиз, Теңирдин чындыгы түбөлүктүү. Теңирди даңктагыла!

## 117-ЗАБУР

###### Жеңиш бергени үчүн Теңирге ыраазычылык билдирүү

1 Теңирди даңктагыла, анткени Ал жакшы, анткени Анын ырайымы түбөлүктүү.

2 Ысрайыл тукуму: «Анын ырайымы түбөлүктүү», – десин.

3 Арундун тукуму: «Анын ырайымы түбөлүктүү», – десин.

4 Теңирден корккондор: «Анын ырайымы түбөлүктүү», – дешсин.

5 Кысталышта калганда, Теңирди чакырдым, Ал угуп, мени кенен жерге алып чыкты.

6 Теңир мени менен, мен коркпойм: адам мага эмне кыла алат?

7 Теңир менин жардам берүүчүм: душмандарымды жалтанбай карайм.

8 Адамдан үмүттөнгөндөн көрө, Теңирге таянган жакшы.

9 Төрөлөрдөн үмүттөнгөндөн көрө, Теңирге таянган жакшы.

10 Бардык элдер мени курчап алышты, бирок мен аларды Теңирдин ысымы менен талкаладым.

11 Мени тегеректеп курчап алышты, бирок мен аларды Теңирдин ысымы менен талкаладым.

12 Алар мени аарыдай курчап алышты, бирок алар тикенек күйүп өчкөндөй өчүштү, мен аларды Теңирдин ысымы менен талкаладым.

13 Алар мени жыгыш үчүн, катуу түртүштү, бирок Теңир мага жардам берди.

14 Теңир менин күчүм жана ырым. Ал менин куткарылуум болуп калды.

15 Куткарылуунун жана кубанычтын үнү адил адамдардын үйүндө: Теңирдин оң колу күчүн көрсөттү.

16 Теңирдин оң колу бийик, Теңирдин оң колу күчүн көрсөттү.

17 Мен өлбөйм, жашай берем, Теңирдин иштерин жарыя кыла берем.

18 Теңир мени катуу жазалады, бирок өлүмгө кыйган жок.

19 Мага чындыктын дарбазаларын ачкыла. Мен алар аркылуу кирип, Теңирди даңктайм.

20 Бул дарбазалар Теңирдики. Адил адамдар алар аркылуу киришет.

21 Мени угуп куткарганың үчүн, Сени даңктайм.

22 Куруучулар жаратпай койгон таш бурчтун негизи болуп калды.

23 Бул Теңирден, бул биз үчүн таң каларлык.

24 Бул күндү Кудай жараткан: бул күнү кубаналы, көңүлүбүздү көтөрөлү!

25 Оо Теңир, куткара көр! Оо Теңир, бизге ийгилик бере көр!

26 Теңирдин атынан келе жаткан бактылуу! Силерге Теңирдин үйүнөн бата беребиз.

27 Кудай – Теңир, Ал бизге жарыгын чачты. Курмандыкты курмандык чалынуучу жайдын мүйүзүнө байлагыла.

28 Сен менин Кудайымсың, мен Сени даңктайм. Сен менин Кудайымсың, мен Сени даңазалайм.

29 Теңирди даңктагыла, анткени Ал жакшы, анткени Анын ырайымы түбөлүктүү.

## 118-ЗАБУР

###### Теңирдин мыйзамы

1 Туура жолдо жүргөндөр, Теңирдин мыйзамын сактагандар бактылуу.

2 Анын мыйзамдарын сактагандар, Аны чын жүрөгү менен издегендер бактылуу.

3 Алар мыйзамсыз иштерди кылышпайт, Анын жолдору менен жүрүшөт.

4 Сен Өзүңдүн буйруктарыңды бекем сактоону осуят кылгансың.

5 Оо, менин жолдорум Сенин мыйзамдарыңды аткарууга багыт алса кана!

6 Анда мен Сенин осуяттарыңды карап, уят болбос элем.

7 Мен Сенин адилет мыйзамдарыңды үйрөнүп, Сени таза жүрөгүм менен даңктар элем.

8 Сенин көрсөтмөлөрүңдү сактайм, мени таптакыр таштап койбо.

###### Теңирдин мыйзамына баш ийүү чечими

9 Жаш жигит өз жолун канткенде таза сактап жүрө алат? Өзүн Сенин сөзүң боюнча сактаганда гана.

10 Сени бүт жүрөгүм менен издейм, Өзүңдүн осуяттарыңдан четтеп кетүүмө жол бербе.

11 Сенин алдыңда күнөө кылбаш үчүн, мен Сенин сөзүңдү жүрөгүмө катып алдым.

12 Теңир, Сага даңк! Мага Өз мыйзамдарыңды үйрөт.

13 Сенин оозуңдан чыккан өкүмдөрүңдүн баарын өз оозум менен жар салдым.

14 Мен Сенин осуяттарыңды аткарганда, ар кандай байлыкка кубангандардай кубанам.

15 Сенин осуяттарың жөнүндө ойлоном, Сенин жолдоруңа назар салам.

16 Сенин көрсөтмөлөрүң менен соороном, Сенин сөздөрүңдү эсимден чыгарбайм.

#### Бакыт Теңирдин мыйзамында

17 Сенин сөздөрүңдү сактап жашашым үчүн, Өз кулуңа ырайымыңды көрсөт.

18 Сенин мыйзамыңдын кереметтерин көрүшүм үчүн, менин көздөрүмдү ач.

19 Мен жер үстүндө келгинмин, менден Өзүңдүн осуяттарыңды жашырба.

20 Ар убакта Сенин мыйзамдарыңды эңсегендиктен, жаным кыйналып бүттү.

21 Сен текеберлерди, каргыш тийгендерди, Өзүңдүн осуяттарыңдан баш тарткандарды моюн сундурдуң.

22 Мени шылдың менен кордуктан куткар, анткени мен Сенин осуяттарыңды сактап жүрөм.

23 Төрөлөр отуруп алып, мага каршы сүйлөшүп жатышат. Сенин кулуң болсо Сенин мыйзамдарың жөнүндө ойлонуп жатат.

24 Сенин осуяттарың менин сооронучум, менин кеңешчилерим.

#### Теңирдин мыйзамына баш ийүү чечими

25 Жаным топуракка матырылды, мени Өзүңдүн сөзүң менен тирилт.

26 Мен өз жолдорум жөнүндө айтып бердим, Сен мени уктуң. Мага Өзүңдүн мыйзамдарыңды үйрөт.

27 Мага Өзүңдүн буйруктарыңдын жолун түшүнүүгө акыл бер, ошондо мен Сенин кереметтериң жөнүндө ой жүгүртөм.

28 Менин жаным кайгыдан алсырап бара жатат, мага Өзүңдүн сөзүң менен күч бер.

29 Мени жалган жолдон алыстат, мага Өз мыйзамыңды бер.

30 Мен чындык жолун тандап алдым, Сенин мыйзамдарыңды өзүмдүн алдыма койдум.

31 Мен Сенин осуяттарыңа жабыштым, Теңир, мени уятка калтырба.

32 Сен менин жүрөгүмдү кенен ачканда, мен Сенин осуяттарыңдын жолдору менен жүрөм.

**Теңирдин мыйзамына таянуу**

33 Мага Өз мыйзамдарыңдын жолун көрсөт, Теңир, ошондо мен Сенин мыйзамдарыңды өмүрүмдүн аягына чейин сактайм.

34 Мени акылга келтир, ошондо мен Сенин мыйзамыңды сактайм, аны бүт жүрөгүм менен аткарам.

35 Мени осуяттарыңдын чыйыр жолуна сал, анткени мен ошол жолду каалайм.

36 Менин жүрөгүмдү дүнүйөкордукка эмес, Өзүңдүн осуяттарыңа бур.

37 Курулай убаракерчиликтен көзүмдү бур. Өз жолуңда жүрүүгө күч бер.

38 Сенден коркушу үчүн, Өз кулуңдун жүрөгүндө Өз сөзүңдү бекемде.

39 Мени өзүм коркуп жаткан кордуктан куткар, анткени Сенин өкүмдөрүң жакшы.

40 Мына, Мен Сенин буйруктарыңды каалап жатам, мени Өз чындыгың менен тирилт.

**Теңирдин мыйзамы менен сооронуу**

41 Теңир, мага Өзүңдүн ырайымың, Өзүңдүн сөзүң боюнча куткаруюң келсин.

42 Ошондо мен өзүмдү кордогонго жооп бере алам, анткени мен Сенин сөзүңө таянам.

43 Чындык сөздөрүңдү менин оозумдан таптакыр алып салба, анткени мен Сенин адилет өкүмүңдү күтүп жатам.

44 Сенин мыйзамыңды дайыма, түбөлүккө сактайм.

45 Эркин болом, анткени Сенин буйруктарыңды издедим.

46 Сенин осуяттарың тууралуу падышалардын алдында айтам, уялбайм.

47 Өзүм сүйгөн Сенин осуяттарың менен соороном.

48 Колдорумду өзүм сүйгөн Сенин осуяттарыңа сунам, Сенин мыйзамдарың жөнүндө ой жүгүртөм.

**Теңирдин мыйзамы менен сооронуу**

49 Кулуңа айткан Өз сөзүңдү эсте, Сен ошол сөзүң аркылуу мага үмүт бергенсиң.

50 Ал менин кыйынчылык учурундагы сооронучум, анткени Сенин сөзүң мени тирилтет.

51 Текеберлер мени абдан шылдыңдашты, бирок мен Сенин мыйзамыңдан четтеген жокмун.

52 Теңир, мен Сенин байыркы мыйзамдарыңды эстеп соороном.

53 Сенин мыйзамыңды таштап салган кудайсыздарды көргөндө, үрөйүм учат.

54 Мен жер кезген жерлерде Сенин мыйзамдарың менин ырым болду.

55 Теңирим, түн ичинде да Сенин ысымыңды эстедим, Сенин мыйзамыңды сактадым.

56 Ал меники болуп калды, анткени мен Сенин мыйзамдарыңды сактап жүрөм.

**Теңирдин мыйзамын берилгендик менен аткаруу**

57 «Теңирим, Сенин сөздөрүңдү аткаруу – менин энчим», – деп айттым.

58 Мен Сага чын жүрөгүмдөн: «Мага Өз сөзүң боюнча ырайым кыл», – деп сыйынгам.

59 Өз жолдорум жөнүндө ойлонуп, буттарымды Сенин осуяттарыңа бурдум.

60 Сенин осуяттарыңды дароо аткарууга ашыктым.

61 Кудайсыздар мага тор жайышты, бирок мен Сенин осуяттарыңды унуткан жокмун.

62 Сени адилет өкүмдөрүң үчүн даңктоого түн ортосунда турчумун.

63 Сенден корккондорго, Сенин буйруктарыңды аткаргандарга шерикмин.

64 Жер бети Сенин ырайымыңа толгон, Теңирим. Мага Өзүңдүн мыйзамдарыңды үйрөт.

**Теңирдин мыйзамынын баалуулугу**

65 Теңирим, Өз сөзүң боюнча кулуңа жакшылык кылдың.

66 Мени туура ой жүгүртүүгө үйрөт, туура түшүнүк бер, анткени мен Сенин осуяттарыңа ишенем.

67 Азап тартканга чейин, мен адашып жүргөм, азыр болсо Сенин сөзүңдү сактап жүрөм.

68 Сен жакшысың, жакшылык кыласың, мага Өзүңдүн мыйзамдарыңды үйрөт.

69 Текеберлер мен жөнүндө жалган ушак таратып жатышат, мен болсо Сенин буйруктарыңды чын жүрөгүмдөн аткарам.

70 Алардын жүрөгүн май басты, мен болсо Сенин мыйзамың менен сооронom.

71 Сенин мыйзамдарыңды үйрөнүш үчүн, азап тартканым жакшы болду.

72 Сенин оозуңдан чыккан мыйзам мен үчүн миңдеген алтындан да, күмүштөн да артык.

**Теңирдин мыйзамынын адилеттүүлүгү**

73 Мени Сенин колдоруң жаратты, мени Сенин колдоруң жасады. Мага акыл бер, ошондо мен Сенин осуяттарыңды үйрөнөм.

74 Сенден корккондор Сенин сөзүңө таянганымды көрүп кубанышат.

75 Теңир, Сенин өкүмдөрүң адилет экенин, мени адилеттик менен жазалаганыңды билем.

76 Сенин ырайымың Өз кулуңа айткан сөзүң боюнча менин сооронучум болсо экен.

77 Мага боор оорусаң экен, ошондо мен жашайм, анткени Сенин мыйзамың менин сооронучум.

78 Текеберлер уятка калышсын, анткени алар мени ак жерден кыйнап жатышат. Мен болсо Сенин буйруктарың жөнүндө ойлонуп жатам.

79 Сенден корккондор, Сенин осуяттарыңды билгендер мага кайрылышсын.

80 Уятка калбашым үчүн, жүрөгүм Сенин мыйзамдарың боюнча таза болсун.

**Куткаруусун сурап Кудайга сыйынуу**

81 Сенин куткарууңду күтө берип, жаным алсырап баратат. Бирок Сенин сөзүңө таянам.

82 Сенин сөзүңдү күтө берип, көзүм талыды. «Мени качан сооротосуң?» – дейм.

83 Мен ышталган чаначтай болуп калдым, бирок Сенин мыйзамдарыңды унуткан жокмун.

84 Кулуң дагы канча күн күтсүн? Мени куугунтуктагандарды качан жазалайсың?

85 Сенин мыйзамыңа каршы текеберлер мага ор казышты.

86 Сенин осуяттарыңдын баары – чындык. Мени ак жерден куугунтуктап жатышат, мага жардам бер.

87 Алар мени жер үстүнөн жок кылып коё жаздашты, бирок мен Сенин буйруктарыңды унуткан жокмун.

88 Мени Өзүңдүн ырайымың менен тирилт, ошондо мен Сенин оозуңдан чыккан буйруктарды аткарам.

**Теңирдин мыйзамына болгон ишеним**

89 Теңирим, Сенин сөзүң асманда түбөлүккө орногон.

90 Сен түбөлүккө ишенимдүүсүң. Жерди Сен орноттуң, ал ошон үчүн турат.

91 Бардыгы ушул убакка чейин Сенин мыйзамдарың боюнча турат, анткени баары Сага кызмат кылат.

92 Сенин мыйзамың мага сооронуч болбогондо, мен кайгыдан өлүп калмакмын.

93 Сенин буйруктарыңды түбөлүккө унутпайм, анткени Сен мени ошолор аркылуу тирилттиң.

94 Мен Сеникимин, мени куткар, анткени мен Сенин буйруктарыңды издедим.

95 Кудайсыздар мени өлтүрүш үчүн, аңдып жүрүшөт. Мен болсо Сенин осуяттарыңа көңүл коём.

96 Мен ар кандай жеткилеңдиктин чегин көрдүм, бирок Сенин осуятыңдын чеги жок.

**Теңирдин мыйзамына болгон сүйүү**

97 Мен Сенин мыйзамыңды кандай жакшы көрөм! Күнү бою ошол жөнүндө ойлоном.

98 Өз осуятың менен Сен мени душмандарымдан акылдуу кылдың, анткени ал дайыма мени менен.

99 Устаттарымдын баарынан акылдуу болуп калдым, анткени мен Сенин осуяттарың жөнүндө ойлоном.

100 Карыяларга караганда көптү билип калдым, анткени мен Сенин буйруктарыңды аткарып жүрөм.

101 Сенин сөзүңдү сакташ үчүн, буттарымды ар кандай жаман жолдордон сактайм.

102 Сенин мыйзамдарыңдан четтебейм, анткени Сен мени үйрөтүп жатасың.

103 Сенин сөздөрүң менин таңдайымда кандай таттуу! Алар менин оозумда балдан да таттуу.

104 Мен Сенин буйруктарың аркылуу акылыма келгем, ошондуктан ар кандай жалган жолду жек көрөм.

**Теңирдин мыйзамынын жарыгы**

105 Сенин сөзүң – бутума шам, жолума жарык.

106 Мен Сенин адилет мыйзамдарыңды сактоону убада кылгам, ошондуктан аткарам.

107 Теңир, мен абдан кыйналдым, мени Өз сөзүң боюнча тирилт.

108 Теңирим, менин оозумдан чыккан мактоо курмандыгын кабыл ал, мага Өзүңдүн мыйзамыңды үйрөт.

109 Менин жаным ар дайым коркунучта, бирок Сенин мыйзамыңды унутпайм.

110 Кудайсыздар мага тор жайышты, бирок мен Сенин буйруктарыңдан четтеген жокмун.

111 Сенин осуяттарыңды түбөлүк мурас катары кабыл алдым, анткени алар – менин жүрөгүмдүн кубанычы.

112 Мен жүрөгүмдү Сенин буйруктарыңды дайыма, өмүрүмдүн акырына чейин аткарууга бурдум.

**Теңирдин мыйзамы – коопсуздук**

113 Жаман ойлуу адамдарды жек көрөм, ал эми Сенин мыйзамыңды сүйөм.

114 Сен менин баш калкалар жайымсың, калканымсың. Сенин сөзүңө таянам.

115 Мыйзамсыздар, мага жолобогула, мен өзүмдүн Кудайымдын осуяттарын аткарам.

116 Жашашым үчүн, мага Өз сөзүң боюнча күч бер. Үмүттөнгөнүм үчүн, мени уятка калтырба.

117 Мени колдо, ошондо мен куткарылам. Сенин мыйзамдарыңа дайыма көңүл коём.

118 Мыйзамдарыңдан четтегендердин баарын Сен кулатасың, анткени алардын куулугунан эч нерсе чыкпайт.

119 Жер үстүндөгү кудайсыз адамдардын баарын Сен күлдөй сапырасың, ошондуктан мен Сенин осуяттарыңды сүйөм.

120 Сенин коркунучуңдан денем титирейт, мен Сенин жазаларыңдан корком.

**Теңирдин мыйзамына болгон тил алчаактык**

121 Мен баарын адилеттик жана чындык боюнча кылдым, мени куугунтуктоочуларымдын колуна салып бербе.

122 Өз кулуңа болуш, текеберлер эзбесин.

123 Сенин куткарууңду жана акыйкат сөздөрүңдү күтө берип көзүм талыды.

124 Өз кулуңа Өз ырайымың боюнча ырайым кыл, мага Өз мыйзамдарыңды үйрөт.

125 Мен Сенин кулуңмун, мага акыл бер, ошондо мен Сенин осуяттарыңды түшүнөм.

126 Теңирдин чара көрө турган убакыты келди, анткени Сенин мыйзамыңды бузушту.

127 Мен болсо Сенин осуяттарыңды алтындан да, таза алтындан да жакшы көрөм.

128 Сенин буйруктарыңдын баарын адилеттүү деп эсептейм, жалган жолдорду жек көрөм.

**Теңирдин мыйзамына баш ийүүгө болгон каалоо**

129 Сенин осуяттарың кереметтүү, ошондуктан алар менин жүрөгүмдө сакталуу.

130 Сенин сөздөрүңдөн алган ачылыш көздү ачат, жөнөкөйлөргө акыл берет.

131 Мен оозумду ачып акактап жатам, анткени Сенин осуяттарыңды эңсеп турам.

132 Ысымыңды сүйгөндөргө кандай назар салып, ырайым кылсаң, мага да ошондой кыл.

133 Буттарымды Сенин сөздөрүң менен жүргүдөй кылып бекемде, эч бир мыйзамсыз иштин мени бийлеп алуусуна жол бербе.

134 Мени адамдын эзүүсүнөн куткар, ошондо Сенин буйруктарыңды аткарам.

135 Өз кулуңду Өз жүзүң менен жарык кыл, мага Өзүңдүн мыйзамдарыңды үйрөт.

136 Сенин мыйзамыңды сактабай жатышкандыктан, көзүмдүн жашы көл болду.

**Теңирдин мыйзамынын адилеттүүлүгү**

137 Сен адилетсиң, Теңирим, Сенин мыйзамдарың да адилет.

138 Осуят кылган көрсөтмөлөрүң адилет, туптуура.

139 Мени кызганыч жеп жатат, анткени менин душмандарым Сенин сөздөрүңдү унутуп коюшту.

140 Сенин сөзүң абдан таза, Сенин кулуң аны сүйөт.

141 Мен кичинекей, жек көрүндү адаммын, бирок Сенин буйруктарыңды унуткан жокмун.

142 Сенин адилеттигиң түбөлүктүү, Сенин мыйзамың – чындык.

143 Башыма кыйынчылык түшүп, азап тартып жатам, бирок Сенин осуяттарың – менин сооронучум.

144 Сенин көрсөтмөлөрүң түбөлүккө адилеттүү. Мени акылыма келтир, ошондо мен жашайм.

**Куткаруусун сурап Кудайга сыйынуу**

145 Сени чын жүрөгүмдөн чакырам, Теңирим, мени ук, ошондо мен Сенин мыйзамдарыңды сактайм.

146 Сени чакырам, мени куткар, ошондо Сенин осуяттарыңды сактайм.

147 Таң заардан Сени чакырам. Сенин сөзүңө таянам.

148 Сенин сөзүңдү терең түшүнүш үчүн, түнү менен кирпик какпай чыгам.

149 Өзүңдүн ырайымың боюнча менин үнүмдү ук, Теңирим. Өз адилеттигиң боюнча мени тирилт.

150 Жамандык ойлогондор мага жакындап калышты, алар Сенин мыйзамыңдан алыс.

151 Сен жакынсың, Теңирим, Сенин осуяттарыңдын баары – чындык.

152 Өзүңдүн осуяттарыңды түбөлүккө орноткону ңду мен мурунтан эле билем.

**Куткаруусун сурап Кудайга жалынуу**

153 Менин азап тартып жатканыма назарыңды салып, мени куткар, анткени мен Сенин мыйзамыңды унуткан жокмун.

154 Менин ишиме киришип, мени корго. Мени Өз сөзүң боюнча тирилт.

155 Куткарылуу кудайсыздардан алыс, анткени алар Сенин мыйзамдарыңды издешпейт.

156 Сенин боорукердигиң чексиз, Теңирим. Мени Өз адилеттигиң боюнча тирилт.

157 Мени куугунтуктагандар, душмандарым көп, бирок мен Сенин осуяттарыңдан четтеген жокмун.

158 Сенин сөзүңдөн четтегендерди көрүп капа болом, анткени алар Сенин сөзүңдү сакташкан жок.

159 Сенин буйруктарыңды кандай сүйөрүмдү көр. Өзүңдүн ырайымың боюнча мени тирилт.

160 Сенин сөзүңдүн негизи – чындык, Сенин ар бир адилет өкүмүң түбөлүктүү.

#### Теңирдин мыйзамын берилгендик менен аткаруу

161 Төрөлөр мени себепсиз куугунтуктап жатышат, бирок менин жүрөгүм Сенин сөзүңдөн коркот.

162 Өтө чоң олжого ээ болгондой, Сенин сөзүңө кубанам.

163 Жалганчылыкты жек көрөм, андан жийиркенем, Сенин мыйзамыңды болсо сүйөм.

164 Адилет өкүмдөрүң үчүн Сени бир күндө жети жолу даңктайм.

165 Сенин мыйзамыңды сүйгөндөрдүн тынчтыгы зор, аларга бөгөт жок.

166 Сенин жардамыңа таянам, Теңирим, Сенин осуяттарыңды аткарам.

167 Сенин осуяттарың менин жүрөгүмдө сакталуу, мен аларды абдан сүйөм.

168 Сенин буйруктарың менен осуяттарыңды аткарам, анткени менин бардык жолум Сенин алдыңда.

#### Кудайдан жардам сурап сыйынуу

169 Менин зар-муңум Сага жетсин, Теңирим. Өз сөзүң боюнча мага акыл бер.

170 Менин жалынуум Сенин алдыңа келсин. Өзүңдүн сөзүң боюнча мени куткар.

171 Сен мага Өзүңдүн мыйзамдарыңды үйрөткөндө, менин оозумдан Сени мактаган сөздөр чыгат.

172 Менин тилим Сенин сөзүңдү жарыя кылат, анткени Сенин осуяттарыңдын баары адилет.

173 Сенин колуң мага жардам берүүгө даяр болсун, анткени мен Сенин буйруктарыңды тандап алдым.

174 Сенин жардамыңды зарыгып күтүп жатам, Теңирим, Сенин мыйзамың – менин сооронучум.

175 Менин жаным жашасын, Сени даңктасын, Сенин адилеттигиң мага жардам берсин.

176 Мен жоголгон койдой адашып калдым. Өз кулуңду издеп тап, анткени мен Сенин осуяттарыңды унуткан жокмун.

## 119-ЗАБУР

**Жалганчылардан куткаруусун сурап Кудайга сыйынуу**

1 Табынуу үчүн бара жаткандагы ыр. Кайгырып турганымда, Теңирди чакырдым, Ал мени укту.

2 Теңир! Менин жанымды жалганчынын оозунан, амалкөйдүн тилинен куткар.

3 Амалкөй тил сага эмне берип, эмне кошот?

4 Күчтүүнүн курч жебелери менен сөксөөлдүн чогун.

5 Мешехте турганым үчүн, Кейдар чатырларында жашаганым үчүн, мага кайгы.

6 Менин жаным тынчтыкты жек көргөндөр менен бирге көпкө жашады.

7 Мен тынчтыкты каалаган адаммын, бирок мен сүйлөсөм эле, алар согушканга даяр.

## 120-ЗАБУР

**Теңир биздин Сактоочубуз**

1 Табынуу үчүн бара жаткандагы ыр. Мен тоо тарапка көз чаптырам, мага жардам кайдан келет?

2 Жардам мага асман-жерди жараткан Теңирден келет.

3 Ал сенин бутуңдун мүдүрүлүүсүнө жол бербейт, сени Сактоочу үргүлөбөйт.

4 Ысрайылды Сактоочу үргүлөбөйт да, уктабайт.

5 Теңир сенин Сактоочуң; Теңир сенин оң жагыңдагы далдаа.

6 Күндүзү күн, түнкүсүн ай сага зыян келтирбейт.

7 Теңир сени ар кандай жамандыктан коргойт, сенин жаныңды Теңир сактайт.

8 Теңир азыр жана түбөлүккө сени чыкканыңда да, киргениңде да сактайт.

## 121-ЗАБУР

**Иерусалимге тынчтык сурап Кудайга сыйынуу**

1 Табынуу үчүн бара жаткандагы ыр. Дөөттүкү. «Жүр, Теңирдин үйүнө барабыз», – дешкенде, сүйүнүп кеттим.

2 Иерусалим, биздин буттарыбыз сенин дарбазаңдын алдында турат,

3 Иерусалим, сен бир бүтүн шаар болуп курулгансың.

4 Ал шаарга уруулар, Теңирдин уруулары киришет. Алар Ысрайыл мыйзамы боюнча Теңирдин ысымын даңазалаганы киришет.

5 Ал шаарда сот тактылары, Дөөт тукумунун тактылары турат.

6 Иерусалимге тынчтык сурагыла: «Сени сүйгөндөр бейпил өмүр сүрүшсүн!

7 Сенин дубалдарыңда тынчтык, үйлөрүңдө бейпилчилик болсун!

8 Өзүмдүн бир туугандарым менен жакындарым үчүн айтып жатам: “Сага тынчтык каалайм!”

9 Кудай-Теңирибиздин үйү үчүн сага жыргалчылык каалайм».

## 122-ЗАБУР

###### Ырайым кылуусун сурап Кудайга сыйынуу

1 Табынуу үчүн бара жаткандагы ыр. Асманда жашаган Кудай, көзүм Сенде!

2 Кулдардын көздөрү мырзаларынын колдорун карагандай, күңдөрдүн көздөрү мырзайымдарынын колдорун карагандай, Кудай-Теңирибиз бизге качан ырайым кылат деп, биздин көзүбүз да Аны карап турат.

3 Бизге ырайым кыл, Теңир, бизге ырайым кыл, анткени жетишерлик эле жек көрүндү болдук.

4 Менменсингендердин шылдыңы, текеберлердин кордугу жаныбызга батты.

## 123-ЗАБУР

###### Кудай – Өз элинин Коргоочусу

1 Табынуу үчүн бара жаткандагы ыр. Дөөттүкү. «Теңир биз менен болбогондо, – деп айтсын Ысрайыл, –

2 адамдар бизге каршы чыкканда, Кудай биз менен болбогондо,

3 алар бизге жаалданганда, бизди тирүүлөй жутуп коюшмак.

4 Бизди суулар басып калмак, ташкындаган суулар жаныбыздын үстүнөн өтмөк.

5 Биздин жаныбыздын үстүнөн шаркыраган суулар өтмөк».

6 Теңирге даңк! Ал бизди алардын тиштерине жем кылган жок.

7 Биздин жаныбыз кушчунун торунан кутулган канаттуудай кутулду. Тор айрылып, биз кутулдук.

8 Биздин жардамыбыз асман менен жерди жараткан Теңирдин ысымында.

## 124-ЗАБУР

###### Кудайдын эли коопсуз

1 Табынуу үчүн бара жаткандагы ыр. Теңирге таянган адам Сион тоосу сыяктуу ордунан жылбайт, түбөлүк турат.

2 Тоолор Иерусалимди курчап турат, Теңир болсо Өз элин азыр жана түбөлүк курчап турат.

3 Адил адамдардын колдору мыйзамсыз ишке барбашы үчүн, Теңир алардын тагдырына кудайсыздардын үстөмдүк кылуусуна жол бербейт.

4 Ак ниеттерге жана жүрөгү тазаларга жакшылык кыл, Теңирим.

5 Өздөрүнүн түз эмес жолдоруна азгырылгандарды болсо Теңир мыйзамсыз иш кылгандар менен калтырсын. Ысрайылга тынчтык болсун!

## 125-ЗАБУР

###### Куткаруусун сурап Кудайга сыйынуу

1 Табынуу үчүн бара жаткандагы ыр. Теңир Сиондун туткундарын кайра алып келгенде, биз түш көргөндөй болгонбуз.

2 Ошондо оозубуз күлкүгө, тилибиз ырга толгон. Ошондо элдер өз ара: «Теңир булар үчүн чоң иш кылды», – деп айтышкан.

3 Теңир биз үчүн улуу иш кылды, биз кубандык.

4 Теңир, чөлгө суу жибергендей, биздин туткундарды кайра алып кел!

5 Көз жаш төгүп сепкендер кубанып оруп алышат.

6 Үрөндөрүн талаага ый менен көтөрүп баргандар боолорун кубаныч менен көтөрүп кайтышат.

## 126-ЗАБУР

###### Балдар – Теңир берген сыйлык

1 Табынуу үчүн бара жаткандагы ыр. Сулаймандыкы. Эгерде үйдү Теңир курбаса, анда аны куруп жаткандардын иштегени бекер. Эгерде шаарды Теңир сактабаса, сакчынын уктабай сак турганы бекер.

2 Силердин эрте туруп, кеч жатып, кыйналып нан таап жегениңер бекер. Анткени Ал аны Өзү сүйгөн адамга уктап жатканында да берет.

3 Балдар – Теңир берген мурас. Перзенттер – Ал берген сыйлык.

4 Жаш балдар күчтүүнүн колундагы жебелердей.

5 Саадагын аларга толтурган адам бактылуу! Алар душмандары менен дарбаза алдында сүйлөшкөндө, уятка калышпайт.

## 127-ЗАБУР

###### Теңирден корккон адам бактылуу

1 Табынуу үчүн бара жаткандагы ыр. Теңирден корккон, Анын жолдору менен жүргөн ар бир адам бактылуу!

2 Сен өз колуңдун эмгегинен жейсиң. Сен бактылуусуң, сага жакшы болсун!

3 Аялың үйүңдө мөмөлүү жүзүмдөй. Дасторконуңдун тегерегинде отурган уулдарың зайтун дарагынын бутактарындай.

4 Теңирден корккон адам мына ушундай бата алат!

5 Теңир сага Сиондон батасын берет, сен өмүрүңдүн аягына чейин Иерусалимдин жыргал турмушун көрөсүң.

6 Уулдарыңдын уулдарын көрөсүң. Ысрайылга тынчтык болсун!

## 128-ЗАБУР

###### Ысрайылдын душмандарын уятка калтыруусун сурап Кудайга сыйынуу

1 Табынуу үчүн бара жаткандагы ыр. «Мени жаш күнүмдөн көп кысымга алышты, – деп айтсын Ысрайыл, –

2 мени жаш күнүмдөн көп кысымга алышты, бирок жеңе алышкан жок.

3 Менин жонума сокочулар узун бороздорду салып жер айдашты».

4 Бирок Теңир адилет: Ал кудайсыздардын аркандарын кыя чапты.

5 Сионду жек көргөндүн баары уятка калып артына качсын.

6 Алар жулуна электе эле куурап калган там башындагы чөптөй болушсун.

7 Ал чөпкө орокчунун колу толбойт, боолукчунун уучу толбойт.

8 Алардын жанынан өткөндөр: «Теңирдин батасы силердин үстүңөрдө болсун! Силерге
Теңирдин ысымы менен бата беребиз!» – деп айтышпайт.

## 129-ЗАБУР

###### Ырайым кылуусун сурап Кудайга сыйынуу

1 Табынуу үчүн бара жаткандагы ыр. Тереңдиктен Сени чакырам, Теңирим.

2 Теңирим! Менин үнүмдү ук. Менин жалынуумду көңүл коюп ук.

3 Теңирим, эгерде Сен мыйзамсыздыктын баарын эсиңе сактай берсең, Теңирим, анда ким
туруштук бере алат?

4 Бирок Сенде кечирим бар, баары Сенин алдыңда коркуп турушсун.

5 Мен Теңирден үмүттөнөм, жаным үмүттөнөт. Мен Анын сөзүнө таянам.

6 Менин жаным Теңирди таңдын атышын күткөн сакчылардан да, таңдын атышын күткөн
сакчылардан да артык күтөт.

7 Ысрайыл эли Теңирге таянсын, анткени Теңирде ырайым жана толук куткарылуу бар.

8 Ал Ысрайыл элин бардык мыйзамсыз иштеринен куткарат.

## 130-ЗАБУР

###### Кудайга таянуу

1 Табынуу үчүн бара жаткандагы ыр. Дөөттүкү. Теңир! Менин жүрөгүм текеберденген
эмес, көздөрүм менменсинген эмес, мен улуу иштерге жана мен үчүн кол жеткис болгон
нерселерге киришкен эмесмин.

2 Мен өзүмдүн жанымды эмчектен чыккан баладай жоошуткан жок белем, тынчтандырган
жок белем? Менин жаным эмчектен чыккан баладай болчу.

3 Ысрайыл азыр жана түбөлүккө Теңирге таянсын!

## 131-ЗАБУР

**Дөөттүн убадасы жана Кудайдын убадалары**

1 Табынуу үчүн бара жаткандагы ыр. Теңир, Дөөттү эсте, анын бардык азап-кайгысын эсте.

2 Анын Теңирге кандай ант бергенин, Жакыптын Күчтүүсүнө кандай убада бергенин эсте:

3 «Теңирге жай тапмайынча, Жакыптын Күчтүүсүнө турак-жай тапмайынча,

4 үйүмө кирбейм, төшөгүмө жатпайм,

5 көз ирмебейм, кирпик какпайм».

6 Биз ал жөнүндө Эфратадан уктук, биз аны Жейарим талааларынан таптык.

7 Анын турак-жайына баралы, Анын бут алдына жыгылып таазим кылалы.

8 Теңир, Өзүңдүн бейпил жайыңа кудуретиңди көрсөткөн келишим сандыгың менен кел.

9 Сенин ыйык кызмат кылуучуларың адилеттикти кийишет, Сенин ыйыктарың кубанышат.

10 Өз кулуң Дөөт үчүн Өзүңдүн майланганыңдан жүз бурба.

11 Теңир Дөөткө: «Сенин тактыңа өз тукумуңдан отургузам.

12 Эгерде сенин уулдарың Менин келишимимди жана аларга үйрөтө турган мыйзамдарымды сакташса, анда алардын уулдары да түбөлүккө сенин тактыңда отурушат», – деп ант берген, аны таптакыр бузбайт.

13 Анткени Теңир Сионду тандап алды, аны Өзүнө турак жай кылууну каалады.

14 «Бул Менин бейпил жайым, ушул жерге жайгашам, анткени Мен ушул жерди кааладым.

15 Анын тамагына батамды мол берем, анын жакырларын нанга тойгузам.

16 Анын ыйык кызмат кылуучуларына куткарылуу кийгизем, анын ыйыктары кубанышат.

17 Ал жерде Дөөттүн мүйүзүн кайрадан көтөрөм, Өзүмдүн майланганыма чырактан даярдадым.

18 Душмандарын уятка калтырам, ал эми анын башындагы таажысы жаркырап турат».

## 132-ЗАБУР

**Бир туугандык сүйүүнү даңктоо**

1 Табынуу үчүн бара жаткандагы ыр. Дөөттүкү. Бир туугандардын чогуу жашаганы кандай жакшы, кандай сонун!

2 Бул Арундун башына куюлуп, сакалына, кийиминин этегине аккан кымбат баалуу зайтун майы сыяктуу;

3 бул Сион тоолоруна түшкөн Хермондун шүүдүрүмү сыяктуу, анткени Теңир ал жерде бата жана түбөлүк өмүр берген.

## 133-ЗАБУР

###### Теңирди даңктоого чакыруу

1 Табынуу үчүн бара жаткандагы ыр. Түнкүсүн Теңирдин үйүндө турган Теңирдин бардык кулдары, Теңирди даңктагыла!

2 Ыйык жайда колуңарды өйдө көтөрүп, Теңирди даңктагыла!

3 Асман-жерди жараткан Теңир сага Сиондон батасын берет.

## 134-ЗАБУР

###### Даңктоо ыры

1 Теңирди даңктагыла. Теңирдин үйүндө, Кудайыбыздын үйүнүн короосунда турган Теңирдин кулдары,

2 Теңирдин ысымын мактагыла, мактагыла.

3 Теңирди мактагыла, анткени Теңир жакшы. Анын ысымын мактап ырдагыла, анткени бул жагымдуу.

4 Анткени Теңир Өзүнө Жакыпты тандап алды, Ысрайылды Өзүнө менчик эл кылып тандап алды.

5 Мен Теңирдин улуу экенин, биздин Кудай-Теңирибиз бардык кудайлардан жогору экенин таанып билдим.

6 Теңир асманда, жерде, деңизде, бардык түпкүрдө эмне каалаexisting, ошонун баарын жасайт.

7 Жер кыйырынан булуттарды көтөрөт, жамгыр жаадырып, чагылганды жаратат, Өзүнүн сактоочу жайларынан шамал чыгарат.

8 Ал мисирликтердин тунгучтарын, малынын төл башыларын кырып салган.

9 Мисир, сенин ичиңде, фараонго жана анын бардык кулдарына каршы жышаандары менен кереметтерин көрсөткөн.

10 Ал көптөгөн күчтүү падышаларды:

11 Амор падышасы Сихонду, Башан падышасы Огду, Канаандын бардык
падышачылыктарын жок кылган.

12 Алардын жерлерин мураска, Өз эли Ысрайылга мураска берген.

13 Теңирим! Сенин ысымың түбөлүктүү. Теңирим! Сен муундан муунга унутулбайсың.

14 Анткени Теңир Өз элине болушат, Өзүнүн кулдарына ырайым кылат.

15 Бутпарас элдердин жасалма кудайлары – күмүш жана алтын, адамдын колу менен
жасалган нерселер.

16 Алардын ооздору бар, бирок сүйлөбөйт; көздөрү бар, бирок көрбөйт.

17 Алардын кулактары бар, бирок укпайт; алардын ооздорунан дем чыкпайт.

18 Аларды жасагандар, алардан үмүт кылгандар ошолорго окшоп калышат.

19 Ысрайыл тукуму! Теңирди даңкта! Арун тукуму! Теңирди даңкта!

20 Леби тукуму! Теңирди даңкта! Теңирден корккондор! Теңирди даңктагыла!

21 Сиондо, Иерусалимде жашаган Теңирге алкыш! Теңирди даңктагыла!

## 135-ЗАБУР

**Ыраазычылык билдирүү ыры**

1 Теңирди даңктагыла, анткени Ал жакшы, анткени Анын ырайымы түбөлүктүү.

2 Кудайлардын Кудайын даңктагыла, анткени Анын ырайымы түбөлүктүү.

3 Бийлик кылуучулардын Теңирин даңктагыла, анткени Анын ырайымы түбөлүктүү.

4 Улуу кереметтерди жалгыз Өзү жасаган Кудайды даңктагыла, анткени Анын ырайымы
түбөлүктүү.

5 Ааламды акылмандык менен жараткан Кудайды даңктагыла, анткени Анын ырайымы
түбөлүктүү.

6 Жерди суу үстүнө орноткон Кудайды даңктагыла, анткени Анын ырайымы түбөлүктүү.

7 Чырактарды жараткан Кудайды даңктагыла, анткени Анын ырайымы түбөлүктүү.

8 Күндү башкарсын деп, Күндү жараткан Кудайды даңктагыла, анткени Анын ырайымы түбөлүктүү.

9 Түндү башкарсын деп, айды жана жылдыздарды жараткан Кудайды даңктагыла, анткени Анын ырайымы түбөлүктүү.

10 Мисирдин тунгучтарын кырган Кудайды даңктагыла, анткени Анын ырайымы түбөлүктүү.

11 Ысрайылды Мисирден алып чыккан Кудайды даңктагыла, анткени Анын ырайымы түбөлүктүү.

12 Сунулган колу, күчтүү билеги менен алып чыккан Кудайды даңктагыла, анткени Анын ырайымы түбөлүктүү.

13 Кызыл деңизди экиге бөлгөн Кудайды даңктагыла, анткени Анын ырайымы түбөлүктүү.

14 Ысрайыл элин деңиздин ортосунан алып өткөн Кудайды даңктагыла, анткени Анын ырайымы түбөлүктүү.

15 Фараонду жана анын аскерлерин Кызыл деңизге чөктүргөн Кудайды даңктагыла, анткени Анын ырайымы түбөлүктүү.

16 Өз элин чөл аркылуу алып өткөн Кудайды даңктагыла, анткени Анын ырайымы түбөлүктүү.

17 Улуу падышаларды жазалаган Кудайды даңктагыла, анткени Анын ырайымы түбөлүктүү.

18 Күчтүү падышаларды өлтүргөн Кудайды даңктагыла, анткени Анын ырайымы түбөлүктүү.

19 Амор падышасы Сихонду өлтүргөн Кудайды даңктагыла, анткени Анын ырайымы түбөлүктүү.

20 Башан падышасы Огду өлтүргөн Кудайды даңктагыла, анткени Анын ырайымы түбөлүктүү.

21 Алардын жерин Өз элине мураска берген Кудайды даңктагыла, анткени Анын ырайымы түбөлүктүү.

22 Алардын жерин Өз кулу Ысрайылга мураска берген Кудайды даңктагыла, анткени Анын ырайымы түбөлүктүү.

23 Бизди кордолуп турганыбызда эстеген Кудайды даңктагыла, анткени Анын ырайымы түбөлүктүү.

24 Бизди душмандарыбыздан куткарган Кудайды даңктагыла, анткени Анын ырайымы түбөлүктүү.

25 Ар бир тирүү жанга азык берген Кудайды даңктагыла, анткени Анын ырайымы түбөлүктүү.

26 Асман Кудайын даңктагыла, анткени Анын ырайымы түбөлүктүү.

## 136-ЗАБУР

###### Туткундалып кеткен ысрайылдыктардын ыйы

1 Сионду эстегенде, Бабыл дарыяларынын жээгинде отуруп алып ыйладык.

2 Ал жерде өскөн талдарга арфаларыбызды илдик.

3 Ал жерде бизди туткунга алгандар бизден ыр талап кылышты, бизди кысымга алгандар биздин көңүл ачуубузду талап кылып: «Бизге Сиондун ырларынан ырдап бергиле», – дешти.

4 Биз Теңирдин ырын бөтөн жерде кантип ырдайбыз?

5 Иерусалим, эгерде сени унутуп койсом, анда мени оң колум унутсун.

6 Иерусалим, эгерде сени эсимден чыгарып койсом, эгерде сени кубанычымдын туу чокусу кылбасам, анда тилим таңдайыма жабышып калсын.

7 Теңир, Эдом уулдарынан өч ал. Иерусалимди талкалап жатышканда, алар: «Талкалагыла, аны пайдубалына чейин талкалагыла», – дешкен.

8 Бабыл кызы, кыйраткыч! Сенин бизге кылгандарың үчүн өч алган адам бактылуу!

9 Сенин наристелериңди ташка чапкан адам бактылуу!

## 137-ЗАБУР

###### Ыраазычылык билдирүү

1 Дөөттүкү. Мен Сени бүт жүрөгүм менен даңктайм, кудайлардын алдында Сага ырдайм.

2 Ыйык ийбадатканаңдын алдында башымды ием, ырайымың үчүн, чындыгың үчүн Сенин ысымыңды даңктайм, анткени Сен Өз сөзүңдү Өзүңдүн бардык ысымдарыңдан жогору койдуң.

3 Сени чакырган күнү мени угуп, жаныма сергектик бердиң.

4 Теңирим, жер жүзүндөгү бардык падышалар Сенин оозуңдан чыккан сөздөрдү укканда, Сени даңкташат.

5 Алар Теңирдин жолдору жөнүндө ырдашат, анткени Теңирдин даңкы зор.

6 Теңир жогоруда болсо да, момунду көрүп турат, текеберди алыстан тааныйт.

7 Эгерде башыма мүшкүл түшсө, Сен мени тирилтесиң, колуңду душмандарымдын каарына каршы сунасың, Сенин оң колуң мени сактап калат.

8 Теңир мен үчүн бардыгын жүзөгө ашырат! Сенин ырайымың түбөлүктүү, Теңирим, Өз колдоруң кылган иштерди таштаба.

## 138-ЗАБУР

###### Кудайдын кудуреттүүлүгү

1 Ырчылар тобунун башчысына. Дөөттүн забуру. Теңир! Сен мени сынадың, баарын билесиң.

2 Сен менин качан отуруп, качан турарымды билесиң; Сен менин ойлорумду алыстан эле билесиң.

3 Басып бара жатсам да, эс алып жатсам да, Сен мени курчап турасың, Сага менин бардык жолдорум белгилүү.

4 Мен айта электе эле, Сен, Теңирим, айтар сөзүмдү толугу менен билесиң.

5 Мени артымдан да, алдымдан да курчап турасың, менин үстүмө Өзүңдүн колуңду коёсуң.

6 Бул билим мен үчүн таң каларлык, аны түшүнүү – мен үчүн кол жеткис бийиктик.

7 Сенин Рухуңдан качып кайда барам, Сенин жүзүңдөн кайда качам?

8 Асманга чыксам да, Сен ошол жердесиң; өлгөндөр жаткан жайга түшсөм да, Сен ошол жердесиң.

9 Таңдын канатын алып, деңиздин кыйырына көчүп кетсем да,

10 ошол жерде мени Сенин колуң жетелейт, мени Сенин оң колуң кармап турат.

11 Эгерде мен: «Мүмкүн, мени караңгылык жашырып калар, менин тегерегимдеги жарык караңгы болуп калар», – десем да,

12 караңгылык мени Сенден жашыра албайт, түн да күндөй жарык: жарык кандай болсо, караңгы да ошондой.

13 Анткени менин ички мүчөлөрүмдү Сен жараткансың, Сен мени энемдин ичинде токугансың.

14 Мен Сени даңктайм, анткени мен таң каларлык жаратылгам. Сенин иштериң керемет, аны менин жаным толук түшүнөт.

15 Мен жашыруун жаратылып жатканда, курсактын тереңинде пайда болуп жатканда, менин сөөктөрүм Сенден жашыруун эмес болчу.

16 Мен жаңыдан түйүлдүк боло баштаганда эле, Сен мени көргөнсүң. Мен төрөлө электе эле, мага белгиленген күндөрдүн бири да боло электе эле Сенин китебиңде баары жазылып коюлган.

17 Кудайым, Сенин ойлоруң мен үчүн кандай баалуу, алардын саны кандай көп!

18 Мен аларды санай турган болсом, алар кумдан да көп. Мен ойгонгондо да, Сени мененмин.

19 Оо Кудайым, кудайсызды жок кылсаң кана! Кан ичкичтер, менден алыс кеткиле!

20 Алар Сага каршы жаман сөздөрдү сүйлөп жатышат. Душмандарың Сенин ысымыңды куру бекер эле атап жатышат.

21 Теңирим, Сени жек көргөндөрдү мен кантип жек көрбөйм, Сага каршы чыккандардан мен кантип жийиркенбейм?

22 Аларды аябай жек көрөм, алар – мага душман.

23 Кудайым, мени сынап, жүрөгүмдү бил; мени сынап, ойлорумду бил.

24 Кара, мен коркунучтуу жолдо эмесминби, мени түбөлүктүү жолдо жетектеп жүр.

## 139-ЗАБУР

###### Кудайсыздардан коргоосун сурап Кудайга жалынуу

1 Ырчылар тобунун башчысына. Дөөттүн забуру.

2 Оо Теңир, мени жаман адамдан куткар, мени кысымга алган адамдан сакта.

3 Алар жүрөгүндө жамандык ойлоп, күн сайын согушууга даяр турушат.

4 Тилдерин жыландай соймоңдотушат, ооздорунда жыландын уусу бар.

5 Оо Теңир, мени кудайсыздын колунан сакта, кысымга алган адамдан сакта, алар мени жыкканы жатышат.

6 Текеберлер мага жашыруун тузак тартып, сыйыртмак салышты, жолума тор жайышты, капкан коюшту.

7 Мен Теңирге мындай дедим: «Сен менин Кудайымсың. Менин жалынган үнүмдү ук, Теңирим!»

8 Теңир, Теңир, менин куткаруучу күчүм! Согушта Сен башымды калкаладың.

9 Теңир, текеберленбеши үчүн, кудайсыздарды тилегине жеткирбе, алардын жаман ойлорун ишке ашырба.

10 Мени курчагандардын ооздорунан чыккан жамандык өз баштарына тийсин.

11 Аларга чок жаасын. Алар отко ыргытылсын, турбас болуп туңгуюкка ыргытылсын.

12 Тили заар адам жер үстүндө тамыр жайбасын, кысым кылгандын кыянаттыгы өзүн өлүмгө тартып кетсин.

13 Теңир эзилгендерге адил өкүм чыгарарын, жардыларга адилеттик кыларын билем.

14 Адил адамдар Сенин ысымыңды даңкташат, адилет адамдар Сенин алдыңда жашашат.

**140-ЗАБУР**

**Мыйзамсыздардан сактоосун сурап Кудайга сыйынуу**

1 Дөөттүн забуру. Теңир! Сени чакырам, мага тез кел. Сени чакырганымда, менин жалынган үнүмө кулак сал.

2 Менин сыйынуум Сенин алдыңда фимиамдай болсун, жогору көтөргөн колдорум кечки курмандыктай болсун.

3 Теңирим, менин оозума сакчы кой, оозумдун каалгасын кайтар.

4 Мыйзамсыз иш кылган адамдар менен бирге жаман иштерге барбашым үчүн, жүрөгүмдүн жамандыкка бурулуусуна жол бербе, алардын чүйгүн тамактарынан даам татпайын.

5 Мени адил адам жазаласын, бул – ырайым. Мени ашкерелесин, бул – менин башыма зыянын тийгизбеген эң жакшы зайтун майы. Мен жамандык кылгандарга каршы сыйынам.

6 Аска-зоону аралап, издеп жүргөн алардын башчылары менин жагымдуу сөздөрүмдү угуп жатышат.

7 Биздин сөөктөрүбүз майдаланган топурактай болуп, өлгөндөр жаткан жайдын оозунда чачылып жатат.

8 Бирок менин көздөрүм Сенде, Теңирим, Теңирим. Сага таянам, менин жанымды өлүмгө кыя көрбө!

9 Мыйзамсыздардын мага койгон тузагынан, жайган торлорунан сакта.

10 Кудайсыздар өз торлоруна өздөрү түшсүн, ал эми мен түшпөй өтүп кетем.

## 141-ЗАБУР

##### Кудайдан жардам сурап сыйынуу

1 Дөөттүн үйрөтүүсү. Анын үңкүрдө жаткандагы сыйынуусу. Үнүмдү чыгарып, Теңирди чакырдым; үнүмдү чыгарып, Теңирге сыйындым.

2 Анын алдына жалынуумду төктүм, Ага зар-муңумду ачтым.

3 Рухум алсырап калганда, Сен менин жолумду билгенсиң. Алар мен жүргөн жолго торлорун жашыруун жайышты.

4 Оң жагымды карасам, эч ким мени таанybайт, мен үчүн баш калкалар жер жок, эч ким менин жаным үчүн кам көрбөйт.

5 Теңир, мен Сени чакырдым, мен Сага мындай деп кайрылдым: «Сен менин баш калкалар жайымсың, тирүүлөр жашаган жерде менин үлүшүмсүң».

6 Менин зар-муңума кулак сал, анткени мен аябай алсырап калдым. Мени куугунтукка алгандардан куткар, анткени алар менден күчтүүрөөк.

7 Жанымды капастан чыгар, Сенин ысымыңды даңктайын. Мага жакшылык кылсаң, тегерегиме адил адамдар чогулат.

## 142-ЗАБУР

##### Ырайым кылуусун сурап Кудайга сыйынуу

1 Дөөттүн забуру. Теңир! Менин сыйынуумду ук, Өз ишенимдүүлүгүң боюнча менин жалынуума кулак сал, мага Өз адилеттигиң менен жооп бер.

2 Өз кулуң менен соттошпо, анткени Сенин алдыңда бир да тирүү жан актала албайт.

3 Душман мени аңдып жүрөт, өмүрүмдү жерге тепсеп, небак өлгөн кишидей караңгылыкта жашоого мажбур кылды.

4 Ошондо ындыным өчүп калды, жүрөгүм сенейип катып калды.

5 Байыркы күндөрдү эстеп, Сенин бардык иштериң жөнүндө ойлоном, колуңдун иштери жөнүндө ой жүгүртөм.

6 Сага колумду сунам; сууга чаңкаган жердей болуп, жаным Сага тартылат.

7 Мени тезирээк ук, Теңирим, рухум алсырап бара жатат. Менден жүзүңдү жашырба, көрдө жаткандарга окшоп калбайын.

8 Сенин ырайымыңды эртерээк угайын, анткени мен Сага таянам. Мага жүрө турган жолумду көрсөт, анткени жанымды Сенин алдыңа алып келем.

9 Теңирим, мени душмандарымдан куткар, Сага корголойм.

10 Мага Өзүңдүн эркиңди аткарууну үйрөт, анткени Сен менин Кудайымсың. Сенин жакшы Рухуң мени чындык өкүм сүргөн жерге алып барсын.

11 Теңирим, мени Өз ысымың үчүн тирилт, Өз чындыгың үчүн жанымды мүшкүлдөн куткар.

12 Өз ырайымың менен душмандарымды жок кыл, жанымды жабыр тарттыргандардын баарын жок кыл, анткени мен Сенин кулуңмун.

## 143-ЗАБУР

###### Кайсы элдин Теңири Кудай болсо, ошол эл бактылуу

1 Дөөттүкү. Колумду согушка, муштумумду урушка үйрөткөн менин аска-зоомо – Теңирге даңк!

2 Теңир менин ырайым кылуучум, чебим, таянычым, Куткаруучум, калканым, мен Ага таянам. Ал мага элимди баш ийдирет.

3 Теңирим! Сен көңүл бургудай, адам баласы ким? Адам жөнүндө ойлонгудай, адам ким?

4 Адам желдей, анын күндөрү өтүп кетчү көлөкөдөй.

5 Теңирим! Асманыңды жантайтып, жерге түш. Тоолорго колуң тийсе, алар түтөп кетет.

6 Чагылган чартылдатып, душмандарды туш-тушка чачырат. Өз жебелериңди жаадырып, аларды талкала.

7 Жогорудан колуңду сунуп, мени куткар, мени чоң суулардан, бөтөн элдердин колунан сакта.

8 Алардын ооздору жалганды сүйлөйт, алардын оң колу – жалгандыктын оң колу.

9 Кудайым! Мен Сага жаңы ыр ырдап берем, мен Сага он кылдуу арфа чертип берем.

10 Падышаларды куткарган, Өз кулу Дөөттү жалаңдаган кылычтан куткарган Сага ырдайм.

11 Мени куткар, бөтөн элдердин колунан сакта, алардын ооздору жалганды сүйлөйт, алардын оң колу – жалгандыктын оң колу.

12 Уулдарыбыз жаш чагында дүркүрөп өскөн өсүмдүктөй болсун, кыздарыбыз ак сарайлардагы чеберлик менен коозддолгон мамылардай болсун.

13 Кампаларыбыз толуп, ар кандай дан мол болсун. Койлорубуз миңдеп, түмөндөп төлдөп, жайыттарда жайылып жүрсүн.

14 Өгүздөрүбүз семиз болсун. Эч нерсе таланып-тонолбосун, уурдалбасын, көчөлөрүбүздө ый болбосун.

15 Кайсы элде ушундай болсо, ошол эл бактылуу. Кайсы элдин Теңири Кудай болсо, ошол эл бактылуу.

**144-ЗАБУР**

**Даңктоо ыры**

1 Дөөттүн даңктоосу. Өзүңдү даңазалайм, Теңирим, Кудайым, Падышам, Сенин ысымыңды түбөлүк даңктайм.

2 Сени күн сайын даңктайм, Сенин ысымыңды түбөлүк мактайм.

3 Теңир улуу жана мактоого татыктуу, Анын улуулугу акыл жеткис.

4 Бир муун бир муунга Сенин иштериңди мактайт, Сенин күчүңдү жарыя кылат.

5 Ал эми мен Сенин улуулугуң, улуу даңкың жана кереметтүү иштериң жөнүндө жар салам.

6 Сенин коркунучтуу иштериңдин күчү жөнүндө айтышат, Сенин улуулугуң жөнүндө болсо мен жарыя кылам.

7 Сенин кең пейилдигиңди унутпай жар салышат, Сенин адилеттигиңди даңктап ырдашат.

8 Теңир кайрымдуу жана ырайымдуу, чыдамдуу жана абдан боорукер.

9 Теңир бардык адамдарга жакшылык кылат, Өзү жараткандарынын бардыгына кайрымдуулук кылат.

10 Теңирим, Сени Өзүңдүн бардык иштериң даңктасын, Сени Өзүңдүн ыйыктарың даңкташсын.

11 Сенин падышачылыгыңдын даңкы жөнүндө жар салышсын, Сенин күчүң жөнүндө айтышсын.

12 Адам баласы Сенин күчүңдү жана Сенин падышачылыгыңдын улуу даңкын билсин.

13 Сенин падышачылыгың – түбөлүк падышачылык, Сенин бийлигиң муундан муунга.

14 Теңир жыгылып бараткандарды сүйөйт, кулагандардын баарын тургузат.

15 Бардыгы Сени карап, күтүп турушат; Сен аларга тамакты өз маалында бересиң.

16 Колуңду ачып, кең пейилдигиң менен бардык тирүү жандарды тойгузасың.

17 Теңир Өзүнүн бардык жолунда адилет, Өзүнүн бардык ишинде ишенимдүү.

18 Теңир Өзүн чакыргандардын бардыгына жакын, Өзүн чын жүрөктөн чакыргандардын бардыгына жакын.

19 Ал Өзүнөн корккондордун каалоосун аткарат, алардын зар-муңун угат, аларга жардам берет.

20 Теңир Өзүн сүйгөндөрдүн баарын сактайт, ал эми кудайсыздардын баарын кырып жок кылат.

21 Менин оозум Теңирди мактайт. Ар бир тирүү жан Анын ыйык ысымын түбөлүк даңктасын.

## 145-ЗАБУР

**Кудайдан үмүттөнгөндөр бактылуу**

1 Теңирди даңктагыла. Жаным, Теңирди макта.

2 Теңирди өмүрүм өткөнчө мактайм. Көзүм тирүү турганда, Кудайымды даңктап ырдайм.

3 Төрөлөргө, адам баласына таянбагыла, алар жардам бере алышпайт.

4 Анын руху чыгат, ошондо ал кайра топурак болуп калат. Ошол күнү анын ойлору ойрон болот.

5 Жакыптын Кудайы жардам берүүчүсү болгон, үмүтү Кудай-Теңиринде болгон адам бактылуу.

6 Ал – асман менен жерди, деңизди жана анын ичиндегилерди жараткан, ишенимдүүлүктү түбөлүккө сактаган,

7 кор болгондорго адилеттик кылган, ачкаларга нан берген Кудай-Теңир. Теңир туткундарды бошотот.

8 Теңир сокурлардын көзүн ачат, кулагандарды тургузат; Теңир адил адамдарды сүйөт.

9 Теңир келгиндерди сактайт, жетим менен жесирге жардам берет, ал эми кудайсыздардын жолун бузат.

10 Теңир түбөлүккө падышачылык кылат. Сион, сенин Кудайың түбөлүктүү. Теңирди даңктагыла!

## 146-ЗАБУР

###### Кудайдын улуулугу жөнүндөгү ыр

1 Теңирди мактагыла, анткени Кудайыбызды даңктап ырдаган жакшы, анткени бул жагымдуу. Ал даңкка татыктуу.

2 Теңир Иерусалимди кайра курат, Ысрайылдын куугунтукталып жүргөн элин жыйнайт.

3 Ал жүрөгү жаралангандарды айыктырат, аларды кайгысынан арылтат.

4 Жылдыздардын санын эсептейт, алардын ар бирин атынан атайт.

5 Теңирибиз улуу, Анын күчү зор, акылы чексиз.

6 Момундарды Теңир жогору көтөрөт, ал эми кудайсыздарды жерге кулатат.

7 Теңирди кезектешип мактап ырдагыла. Кудайга гусли чертип ырдагыла.

8 Ал асманды булут менен жабат, жерге жамгыр жаадырат, тоолорго чөп өстүрөт.

9 Малга, Өзүн чакырган карганын балапандарына тамак берет.

10 Ал аттын күчүнө карабайт, адамдын күлүктүгүнө ыраазы болбойт.

11 Теңир Өзүнөн корккондорго, Өзүнүн ырайымына үмүттөнгөндөргө ыраазы болот.

## 147-ЗАБУР

###### Ысрайылды Кудайды даңктоого чакыруу

1 Теңирди макта, Иерусалим; Кудайыңды макта, Сион.

2 Анткени Ал сенин дарбазаларыңдын бекиткичтерин бекемдейт, сенин ичиңдеги уулдарыңа батасын берет.

3 Сенин жериңе тынчтык орнотот. Сени дандуу буудайга тойгузат.

4 Өз сөзүн жерге жөнөтөт. Анын сөзү тез тарайт.

5 Жүнгө окшогон кар жаадырат, күлгө окшогон бубак себет.

6 Өз мөндүрүн бүртүк-бүртүк кылып жаадырат, Анын аязына ким чыдай алат?

7 Өз сөзүн жөнөткөндө, бардыгы эрийт. Шамалын айдаганда, суулар агат.

8 Ал Өз сөзүн Жакыпка, Өз көрсөтмөлөрү менен мыйзамдарын Ысрайылга жарыя кылды.

9 Ал башка эч бир элге мындай кылган жок, алар Анын мыйзамдарын билишпейт.
Теңирди даңктагыла!

## 148-ЗАБУР

###### Бүт аалам Теңирди даңктасын

1 Теңирди даңктагыла. Теңирди асманда мактагыла, Аны бийикте мактагыла.

2 Анын бардык периштелери, Аны мактагыла; Анын бардык кошуундары, Аны мактагыла.

3 Күн менен ай, Аны мактагыла; жаркыраган бардык жылдыздар, Аны мактагыла.

4 Асмандын асманы, асмандан жогору турган суулар, Аны мактагыла.

5 Бардыгы Теңирдин ысымын макташсын, анткени Ал буйруганда, бардыгы жаралган.

6 Аларды түбөлүккө койгон, эч качан бузулбай турган мыйзам берген.

7 Жердегилер, зор балыктар, бардык туңгуюктар, Теңирди мактагыла.

8 От жана мөндүр, кар жана туман, Анын сөзүн аткарган бороон,

9 тоолор жана бардык адырлар, мөмөлүү дарактар жана бардык кедрлер,

10 жырткычтар жана ар кандай мал, сойлоочулар жана канаттуу куштар,

11 жер үстүндөгү падышалар жана бардык элдер, төрөлөр жана жер жүзүндөгү бардык башкаруучулар,

12 жигиттер жана кыздар, карылар жана жаштар

13 Теңирдин ысымын макташсын, анткени жалгыз Анын ысымы жогору, Анын даңкы асман менен жерден жогору.

14 Ал Өз элинин мүйүзүн жогору көтөрдү, бардык ыйыктарынын, Ысрайыл уулдарынын, Өзүнө жакын турган элинин даңкын чыгарды. Теңирди даңктагыла!

## 149-ЗАБУР

**Даңктоо ыры**

1 Теңирди даңктагыла. Теңирге жаңы ыр ырдагыла. Ал ыйыктардын жыйынында макталсын.

2 Ысрайыл Өз Жаратуучусуна шаттансын. Сион уулдары Өз Падышасына кубансын.

3 Анын ысымын бий бийлеп даңкташсын. Ага дап кагып, гусли чертип ырдашсын.

4 Анткени Теңир Өз элине ыраазы, момундарды куткарып, даңкка бөлөйт.

5 Ыйыктар даңкталып кубанышсын, өздөрүнүн төшөгүндө да ырдашсын.

6 Кудайга арналган даңктоо сөздөр алардын оозунда болсун, эки миздүү кылыч колдорунда болсун.

7 Элдерден өч алышсын, урууларды жазалашсын,

8 алардын падышаларын туткундашсын, төрөлөрүн кишендешсин.

9 Аларга жазылган өкүмдү жүзөгө ашырышсын. Бул – Анын бардык ыйыктары үчүн урмат. Теңирди даңктагыла!

## 150-ЗАБУР

**Теңирди даңктагыла**

1 Теңирди даңктагыла. Кудайды Өзүнүн ыйык жайында мактагыла, Аны Өзүнүн кудуреттүү асманында мактагыла.

2 Аны керемет иштери үчүн мактагыла, Аны чексиз улуулугу үчүн мактагыла.

3 Аны сурнай тартып мактагыла, Аны арфа жана гусли чертип мактагыла.

4 Аны дап кагып, бий бийлеп мактагыла; Аны кыл аспап жана сыбызгы ойноп мактагыла.

5 Аны мукам үндүү жез табак кагып мактагыла, Аны катуу үндүү жез табак кагып мактагыла.

6 Теңирди бардык тирүү жандар макташсын! Теңирди даңктагыла!

## СУЛАЙМАНДЫН НАКЫЛ СӨЗДӨРҮ

### 1-БӨЛҮМ

**Накыл сөздөрдүн жазылышынын себеби**

1 Ысрайыл падышасы Дөөттүн уулу Сулаймандын накыл сөздөрү.

2 Бул сөздөр акылмандыкка жетиш үчүн, акыл-насаатты угуш үчүн, накыл кептерди түшүнүш үчүн,

3 эстүүлүктүн, адилеттүүлүктүн, соттун, чындыктын эрежелерин өздөштүрүш үчүн,

4 жөнөкөйлөргө зээндүүлүк, жаш жигитке билим жана эстүүлүк бериш үчүн жазылган.

5 Бул сөздөргө акылман адам кулак төшөп, билимин арттырат, акылдуу адам акылдуу кеңештерди табат.

6 Ошондо ал накыл сөздөрдү, нуска кептерди, даанышмандардын сөздөрүн жана табышмактарын түшүнөт.

**Жаштарга берилген кеңеш**

7 Акылмандыктын башталышы – Теңирден коркуу. Акылмандык менен акыл-насаатты акылы жоктор гана жек көрүшөт.

8 Уулум, атаңдын акыл-насаатын ук, энеңдин кеңешин четке какпа.

9 Анткени бул – башыңа кооз таажы, мойнуңа мончок.

10 Уулум! Эгерде сени күнөөкөрлөр азгырса, макул болбо.

11 Эгерде алар мындай дей турган болсо: «Жүр биз менен, киши өлтүрүш үчүн буктурма коёбуз, айыпсыз, таза адамды аңдыйбыз,

12 аларды өлгөндөр жаткан жай жуткансып, тирүүлөй жутуп алабыз, көргө түшкөндөргө окшотуп, бүкүлү жутуп алабыз.

13 Ар кыл асыл буюмдарды жыйып алабыз, үйлөрүбүздү олжого толтурабыз.

14 Биз менен бирге өкчөмө таш ыргытасың, баарыбыздын казынабыз бир болот!»

15 Уулум! Аларга кошулба, алардын жолуна түшпө.

16 Анткени алардын буттары кыянаттык кылууга чуркайт, кан төгүүгө шашат.

17 Канаттуулардын көзүнчө тор жаюу бекер,

18 алардын канын төгүш үчүн буктурма коюшат, алардын жанын алыш үчүн аңдып турушат.

19 Бирөөнүн байлыгына көз арткан ар бир адамдын жолу ушундай болот: тартып алган байлыгы аны өмүрүнөн ажыратат.

**Акылмандыктын чакырыгы**

20 Акылмандык көчөлөрдө жар салып жүрөт, аянттарда угуза сүйлөп жатат,

21 көп эл чогулган жерлерде жар салып, шаар дарбазасынын кире беришинде мындай деп сүйлөп жатат:

22 «Түркөйлөр, качанга чейин түркөйлүктү жакшы көрө бересиңер? Шылдыңчылдар качанга чейин өздөрүнүн шылдыңдоолоруна маашырлана беришет? Акылсыздар качанга чейин билимди жек көрүшөт?

23 Мен ашкерелеп жатам, көңүл бургула: мына, мен силерге өз рухумду төгөм, өз сөзүмдү жарыя кылам.

24 Мен силерди чакырдым, бирок силер укпай койдуңар. Силерге колумду сундум, бирок силер көңүл бурбай койдуңар.

25 Менин кеңештеримдин бардыгын четке кактыңар, ашкере кылганымды кабыл албай койдуңар.

26 Ошон үчүн мен да силердин өлүмүңөргө күлөм, башыңарга мүшкүл түшкөндө сүйүнөм.

27 Силерди коркунуч бороондой каптаганда, кырсык бурганактай басканда, башыңарга кайгы жана кыйынчылык келгенде,

28 мени чакырасыңар, бирок мен силерди укпайм. Мени таң заардан издейсиңер, бирок таппайсыңар.

29 Анткени алар билимди жек көрүштү, Теңирден коркууну тандап алышкан жок.

30 Менин кеңештеримди кабыл алышкан жок, менин ашкере кылганымды жек көрүштү.

31 Ошон үчүн алар өздөрүнүн жолунун жемиштеринен жешет, өздөрүнүн ойлорунун жемишине тоюшат.

32 Анткени наадандарды өжөрлүгү өлтүрөт, акылсызды камырабастыгы өлтүрөт.

33 Мени уккандар болсо жамандыктан коркпой, коопсуз, бейкапар жашашат».

**2-БӨЛҮМ**

**Акыл-насааттар**

1 Уулум! Эгерде менин сөздөрүмдү кабыл алсаң, менин акыл-насааттарымды сактасаң,

2 кулагыңды акылмандыкка төшөсөң, жүрөгүңдү ой жүгүртүүгө бурсаң,

3 билимди чакырсаң, акылга кайрылсаң,

4 аны күмүш менен кенчти издегендей издесең,

5 Теңирден коркуу деген эмне экенин түшүнөсүң, Кудай жөнүндөгү билимге жетесиң.

6 Анткени акылмандыкты Теңир берет. Анын оозунан билим менен акыл чыгат.

7 Ал адил адамдар үчүн куткарылуу сактайт. Ал – түз жүргөндөрдүн калканычы.

8 Ал акыйкаттыктын жолдорун сактайт, Ал Өз ыйыктарынын жолун коргойт.

9 Ошондо сен жакшылыкка алып бара турган жолдорду: чындыкты, адилеттикти, чынчылдыкты түшүнөсүң.

10 Акылмандык жүрөгүңө киргенде, билим жаныңа жакканда,

11 сени эстүүлүк сактап жүрөт, акыл кайтарып жүрөт,

12 жаман жолдон, жалган айткан адамдан сактайт,

13 караңгылыктын жолунда жүрүш үчүн түз жолду таштагандардан,

14 жамандык жасап кубангандардан, бузукулук кылып жыргагандардан,

15 жаман жолдо бара жаткандардан, адашып жүргөндөрдөн,

16 башка бирөөнүн аялынан, жылуу сүйлөгөн бөтөн аялдан сактайт.

17 Ал аял жаш чагындагы жолдошун таштаган, Кудайдын келишимин унуткан.

18 Анын үйү өлүмгө жетелейт, анын жолу өлгөндөргө алып барат.

19 Анын үйүнө киргендердин бири да кайрылып келбейт, өмүрдүн жолуна түшпөйт.

20 Андыктан ак ниеттүүлөрдүн жолу менен жүр, адил адамдардын жолун жолдо.

21 Анткени жерде адил адамдар жашашат, жерде бузулбаган ак ниет адамдар өмүр сүрүшөт.

22 Мыйзамсыздар болсо жер үстүнөн жок кылынышат, ишенимсиздер жер үстүнөн тукум курут болушат.

**3-БӨЛҮМ**

**Уулдарга берилген кеңеш**

1 Уулум! Менин акыл-насаатымды эсиңден чыгарба, жүрөгүң осуяттарымды сактасын.

2 Анткени алар сага узун өмүр, узак өмүр жаш, тынчтык берет.

3 Сени ырайым менен чындык таштабасын. Буларды мойнуңа байлап ал, жүрөгүңдүн лоокторуна жазып ал,

4 ошондо Кудайдын жана адамдардын алдында ырайым жана жакшылык табасың.

5 Бүт жүрөгүң менен Теңирден үмүттөн, өз акылыңа таянба.

6 Бардык жолдоруңда Кудайды таанып бил, ошондо Ал сенин жолдоруңду багыттайт.

7 Өзүңдү акылман эсептебе, Теңирден корк, жамандыктан кач.

8 Бул денеңе саламаттык, сөөгүңө азык болот.

9 Теңириңе мал-мүлкүң менен, алгачкы кирешең менен урмат көрсөт.

10 Ошондо кампаларың ашыгы менен данга толот, жүзүм сыгылуучу жайыңдан жаңы шарап ашып-ташып төгүлүп турат.

11 Уулум, Теңирдин жазасын четке какпа, Анын айыбыңды ачканын оор көрбө.

12 Анткени Теңир сүйгөн адамын жазалайт, ага атасы уулуна ырайым кылгандай ырайым кылат.

13 Акылмандыкты издеп тапкан, акылга ээ болгон адам бактылуу!

14 Анткени акылга ээ болуу күмүшкө ээ болуудан артык, анын жемиши алтындан артык.

15 Ал асыл таштардан кымбат. Сен каалагандардын ичинен ага эч нерсе тең келбейт.

16 Анын оң колунда – узун өмүр, сол колунда – байлык менен атак-даңк.

17 Анын жолу – жагымдуу жол, анын бардык жолу – бейпилдик.

18 Ага ээ болгондор үчүн ал – өмүр дарагы, аны сактагандар – бактылуу адамдар!

19 Теңир жерди кеменгерлиги менен негиздеген, асманды акылмандыгы менен орноткон.

20 Анын акылмандыгы менен түпсүз туңгуюктар ачылган, булуттар шүүдүрүм себелейт.

21 Уулум! Булардан көзүңдү алба, туура ой жүгүртүүнү, эстүүлүктү сакта,

22 алар жаның үчүн өмүр, мойнуң үчүн мончок болот.

23 Ошондо өз жолуңду коркпостон улайсың, мүдүрүлбөйсүң.

24 Жатканыңда коркпойсуң, уйкуң таттуу болот.

25 Күтүлбөгөн коркунучтан, мыйзамсыздардын кол салганынан коркпойсуң.

26 Анткени Теңир сенин таянычың болот, бутуңду тузактан сактайт.

27 Жакшылык кылууга мүмкүнчүлүгүң бар болуп турганда, муктаж болгон адамга жакшылык кылуудан баш тартпа.

28 Жаныңда бар болуп туруп, досуңа: «Эртең кел, эртең берем», – дебегин.

29 Сени менен капарсыз жашап жаткан жакыныңа жамандык кылууну ойлобо.

30 Сага жамандык кылбаган адам менен себепсиз чатакташпа.

31 Зордук-зомбулук кылган адамга көз артпа, анын жолдорунун бирине да түшпө.

32 Анткени бузулган адам Теңирдин алдында жийиркеничтүү, ал эми адил адамдар менен Анын байланышы бар.

33 Теңирдин каргышы мыйзамсыздын үйүнүн үстүндө, ал эми адил адамдардын үйүнө Ал батасын берет.

34 Эгерде Ал шылдыңчыл текеберлерди уятка калтырып жатса, анда момундарга ырайым кылат.

35 Акылмандар атак-даңкты, акылсыздар маскарачылыкты мурасташат.

**4-БӨЛҮМ**

**Акылмандыктын жана билимдин пайдасы**

1 Балдар, атаңардын акыл-насаатын уккула, акыл-эстүү болуу үчүн кулак салгыла!

2 Анткени мен силерге жакшы сабак бердим. Менин осуяттарымды таштабагыла.

3 Анткени мен да бир кезде атамдын уулу элем, энемдин жалгыз, сүйүктүү уулу элем.

4 Ошондо атам мага акыл үйрөтүп: «Жүрөгүңө менин сөздөрүмдү тутуп ал, осуяттарымды сактап жаша», – деген.

5 Даанышмандыкка ээ бол, акылмандуулукка ээ бол. Муну эсиңден чыгарба, менин айткандарымдан четтебе.

6 Менин сөзүмдү таштаба, ошондо ал сени сактап жүрөт; аны сүй, ошондо ал сени коргоп жүрөт.

7 Эң негизгиси – акылмандык. Акылмандыкка ээ бол, бардык мал-мүлкүң менен акыл-эстүүлүккө ээ бол.

8 Аны бийик бааласаң, ал сени бийикке көтөрөт. Эгерде ага жабышсаң, ал сенин даңкыңды чыгарат.

9 Ал сенин башыңа эң сонун гүлчамбар кийгизет, эң сонун таажыга жеткирет.

10 Кулак сал, уулум, менин сөздөрүмдү кабыл ал, ошондо өмүрүң узарат.

11 Мен сага акылмандыктын жолун көрсөтүп жатам, түз жол менен алып бара жатам.

12 Бара жатканыңда жолуң тарыбайт, чуркап жөнөсөң мүдүрүлбөйсүң.

13 Акыл-насааттарды бекем карма, аны таштаба, сактап жүр, анткени ал сенин өмүрүң.

14 Мыйзамсыздардын жолуна түшпө, зулумдардын жолу менен жүрбө.

15 Ал жолду ташта, ал жол менен баспа, ал жолго жолобо, ал жолдон кыя өт.

16 Анткени алар жамандык кылмайынча укташпайт, бирөөнү кулатмайынча, алардан уйку качат.

17 Анткени алар мыйзамсыздык менен нан таап жешет, уурдалган шарап ичишет.

18 Адил адамдардын жолу – жаркыраган чырак, ал толук жарык киргенге чейин уламдан-улам жаркырай берет.

19 Мыйзамсыздардын жолу – караңгылык, алар эмнеге мүдүрүлөрүн билишпейт.

20 Уулум! Менин сөздөрүмө кулак сал, айткандарыма кулагыңды төшө!

21 Алар сенин көз алдыңдан кетпесин, аларды жүрөгүңдүн түпкүрүндө сакта.

22 Анткени ал – аны тапкандар үчүн өмүр, бүт денеси үчүн – саламаттык.

23 Баарынан да, сактай тургандардан жүрөгүңдү сакта, анткени өмүрдүн булагы анда.

24 Калп айтуудан баш тарт, анткорлонуп сүйлөөдөн кач.

25 Көзүң түз карасын, көз карашың түз болсун.

26 Басар жолуңду ойлонуп бас, ошондо сенин бүт жолуң бекем болот.

27 Оңго да, солго да бурулба, бутуңду жаман жолдон алыс кыл.

**5-БӨЛҮМ**

**Ойноштук кылбоо жөнүндө эскертүү**

1-2 Уулум! Акыл-эстүү болушуң үчүн, оозуңда билим болушу үчүн, менин даанышмандык менен айткан сөздөрүмө кулак сал, акылмандык менен айткан сөздөрүмө кулак төшө.

3 Анткени башка бирөөнүн аялы тилинен бал тамызып сүйлөйт, сүйлөгөн сөздөрү зайтун майынан да жумшак.

4 Бирок анын акыры эрмендей ачуу, эки миздүү кылычтай курч.

5 Анын буту өлүмгө алып барат, таманы өлгөндөр жаткан жайга түшүрөт.

6 Эгерде сен анын баскан жолун билгиң келсе, анын жолдору туруктуу эмес, ошондуктан сен аларды биле албайсың.

7 Ошондуктан, балдарым, мени уккула, менин оозумдан чыккан сөздөрдөн четтебегиле.

8 Ал аялдан алыс жүр, анын үйүнүн эшигине жакын барба,

9 болбосо ден соолугуңду башкаларга алдырасың, өмүрүңдү кыйноочуга бересиң,

10 күчүңө башка бирөөлөр тоёт, эмгегиң башка бирөөнүн үйүнө кетет.

11 Дене-мүчөң күч-кубаттан ажыраганда, онтоп,

12 мындай деп айтасың: «Эмне үчүн мен акыл-насаатты жек көрдүм экен, эмне үчүн жүрөгүм ашкерелөөнү капарына албады экен?

13 Эмне үчүн устаттарымдын үнүн укпадым экен, эмне үчүн насаатчыларыма кулак төшөбөдүм экен?

14 Аз жерден элдин жана коомдун арасында ар кандай жамандыкка дуушар болуп кала жаздадым».

15 Өз көлмөңдөгү, өз кудугуңдагы суудан ич.

16 Булактарың көчөгө, агын сууларың аянттарга акпасын.

17 Алар жат кишиге эмес, бир гана сага таандык болсун.

18 Булагың баталуу болсун. Жаш кезде алган,

19 маралдай сүйкүмдүү, жейрендей сулуу аялың менен кубан. Анын төшү сени ар дайым канааттандырсын, анын махабаты менен дайыма ыракаттан.

20 Уулум, башка бирөөнүн аялына кызыгып, башка бирөөнүн аялынын төшүн кучактап эмне кыласың?

21 Адамдын жолдору Теңирдин көз алдында, Ал анын ар бир кадамын ченеп турат.

22 Мыйзамсыз адамды өзүнүн мыйзамсыздыгы тузакка түшүрөт, ал өз күнөөсүнүн торунда камалып турат.

23 Ал акыл-насааттын жетишсиздигинен өлөт, акылсыздыгынын көптүгүнөн жок болот.

**6-БӨЛҮМ**

**Башка эскертүүлөр**

1 Уулум! Эгерде жакыныңа кепил болуп, башка бирөө үчүн кол берсең,

2 анда сен оозуңдан чыккан сөзүң менен өзүңдү чырмап алдың, өз оозуңдан чыккан сөздөрүң менен кармалдың.

3 Уулум, мындай кыл: өзүңдү куткар, анткени сен жакыныңдын колуна түшүп калдың, бар, бутуна жыгыл, жакыныңа жалынып-жалбар.

4 Көзүңдү ирмебе, кирпик какпа.

5 Мергенчинин колунан кутулган жейрендей, кушчунун колунан кутулган куштай кутул.

6 Жалкоо, кумурскаларды кара, алардын иш-аракетин көр, анан акылыңа кел.

7 Алардын башчысы да, көзөмөлчүсү да, өкүмдары да жок.

8 Бирок алар өздөрүнүн нанын жайында камдап алышат, өздөрүнүн азыгын оруу-жыюу маалында жыйнап алышат.

9 Жалкоо, качанга чейин уктай бересиң, качан ойгоносуң?

10 Бир аз уктай турсаң, колуңду бооруңа алып, үргүлөп, бир аз жата турсаң,

11 жакырлыгың жолоочудай, муктаждыгың каракчыдай кирип келет.

12 Анткор, мыйзамсыз адам жалган сүйлөйт.

13 Көзүн кысат, буту менен сүйлөп, манжалары менен белги берет.

14 Анын жүрөгүндө жүзү каралык, качан болбосун, ойлогону жамандык, арага чагым салат.

15 Ошон үчүн ал күтүлбөгөн жерден өлөт, капыстан талкаланат, айыкпас дартка чалдыгат.

16 Теңир жек көргөн алты нерсе, атүгүл, Анын жанына жийиркеничтүү болгон жети нерсе:

17 менменсинген көздөр, жалган тил, жазыксыз адамдын канын төккөн кол,

18 жамандык ойлогон жүрөк, кыянаттык кылганга тез чуркаган буттар,

19 жалган жалаа жапкан жалган күбө, бир туугандардын ортосуна от жаккандар.

**Бузулган аялдан сак болуу жөнүндө**

20 Уулум! Атаңдын осуяттарын сакта, энеңдин акыл-насаатын четке какпа.

21 Аларды жүрөгүңө түбөлүккө байлап ал, мойнуңа тегерете байлап ал.

22 Жолго чыкканыңда, алар сени жетектейт, уктап жатканыңда кайтарат, ойгонгонуңда сени менен маектешет.

23 Анткени осуят – чырак, акыл-насаат – жарык, насыятты үйрөнүү – өмүргө жол.

24 Алар сени бузулган аялдан, башка бирөөнүн аялынын жасакерленип сүйлөгөн сөзүнөн сактайт.

25 Жүрөгүңдө анын сулуулугун каалаба, ал сени кирпиги менен өзүнө тартып кетпесин.

26 Анткени бузулган аялдын айынан адам бир сындырым нанга жетпей калат, бирөөнүн аялы кымбат жанды торго түшүрөт.

27 Ким көйнөгүн күйгүзбөй, отту колтугуна катып жүрө алат?

28 Ким бутун күйгүзбөй, күйүп турган чоктун үстүнөн басып жүрө алат?

29 Жакынынын аялына кирген адам ошондой болот, ага жакындаган адам күнөөгө батпай койбойт.

30 Курсагын тойгузуш үчүн, ачкалыктын айынан ууруга кирген кишини жек көрүшпөйбү?

31 Ал кармалганда, жети эселеп төлөп берет, үйүндөгү бардык мал-мүлкүн берет.

32 Ал эми бирөөнүн аялы менен ойноштук кылган адамдын акылы жок, мындай кылган адам өз жанын өлтүрөт.

33 Ал токмок да жейт, абийири да кетет, маскара болгону унутулбайт.

34 Анткени кызганчаактык – күйөөсүнүн каары, ал өч алган күнү аябайт.

35 Эч кандай кун кабыл албайт, канчалык белек берсең да канагаттанбайт.

**7-БӨЛҮМ**

1 Уулум! Менин сөздөрүмдү сакта, осуяттарымды катып ал.

2 Менин осуяттарымды сакта жана жаша, менин акыл-насааттарымды көзүңдүн карегиндей сакта.

3 Аларды колуңа байлап ал, жүрөгүңдүн лоокторуна жазып ал.

4 Акылмандыкка: «Сен менин карындашымсың», – де, акылга: «Сен менин бир тууганымсың», – де.

5 Булар сени башка бирөөнүн аялынан, жылуу сүйлөгөн бөтөн аялдан сактайт.

**Акылсыз жигит жана бузулган аял жөнүндө**

6 Бир күнү мен үйүмдүн терезесинен, тордон карап турдум.

7 Ошондо тажрыйбасыз жаштар арасынан акылсыз жаш уланды көрүп калдым.

8 Ал бузулган аял турган бурчтун жанындагы аянттан өтүп, ошол аялдын үйүнө барчу жолдо бара жатты.

9 Ал убак күн батып, күүгүм кирип, караңгы боло баштаган убак эле.

10 Мына ошондо анын алдынан бузулган аялдын кийимин кийген, амалкөй,

11 чуулгандуу, жүгөнсүз бир аял чыкты, ал үйүндө турбайт.

12 Ал бирде көчөдө, бирде аянтта, ар кайсы бурчта туруп алып, тузак тартат.

13 Ал жаш уланды кармап алып өөп, уялбастан ага мындай деди:

14 «Мен тынчтык курмандыгын чалдым, берген убадаларымды бүгүн аткардым.

15 Ошондуктан сени тосуп чыктым, сени издеп чыгып таап алдым.

16 Килемдерди, Мисирдин түркүн түстүү кездемелерин төшөп, төшөк салдым.

17 Уктоочу бөлмөмдү смирна, алой жана корица менен аңкытып койдум.

18 Үйгө кир, таң атканча эркелешип, сүйүүгө ыракаттанабыз.

19 Анткени күйөөм үйдө жок, ал узак сапарга кеткен.

20 Күмүшкө толгон капчыгын ала кеткен, үйгө ай толгон күнү келет».

21 Ал жаш уланды көптөгөн жылуу сөздөр менен азгырып, жылуу жумшак сүйлөп, бийлеп алды.

22 Ошол замат жаш улан союларын билбеген өгүздөй болуп, боорун жебе тешип кетерин, атыларын билбеген бугудай болуп, аялдын артынан жөнөдү.

23 Ал куштай болуп, торго жулунат, тор анын өлүмү үчүн жайылганын билбейт.

24 Ошентип, балдарым, мага кулак салгыла, менин сөздөрүмө көңүл бургула.

25 Жүрөгүң ал аялдын жолуна бурулбасын, анын жолуна түшүп адашпагын.

26 Анткени ал аял далайларды жарадар кылып кулаткан, көптөгөн күчтүү адамдар ал аялдын колунан өлүшкөн.

27 Анын үйү – өлүмдүн ички бөлмөлөрүнө түшүрө турган, өлгөндөр жаткан жайга алып барчу жол.

**8-БӨЛҮМ**

**Акылмандыкты даңктоо**

1 Акылмандык чакырып жаткан жокпу? Акыл үнүн бийик чыгарып жаткан жокпу?

2 Ал бийик жерлерге, жолдорго, жол тоомдоруна туруп алып чакырып жатат.

3 Ал шаардын дарбазасынын жанына, шаардын кире беришине туруп алып чакырып жатат:

4 «Адамдар, мен силерге чакырык салып жатам. Менин үнүм адам баласына!

5 Эси жоктор, эстүү болгула, акылы жоктор, акылдуу болгула!

6 Уккула, анткени мен маанилүү сөз айтам, менин оозумдан чыккан сөз чындык.

7 Анткени менин тилим чындыкты сүйлөйт, жаман сөздөрдү сүйлөгөндөн оозум жийиркенет.

8 Менин оозумдан чыккан сөздүн бардыгы адилет, анда жалган да, анткорлук да жок.

9 Булардын бардыгы акылдуулар үчүн айкын, билимге ээ болгондор үчүн адилет.

10 Күмүштү эмес, менин окутуумду кабыл алгыла, тандамал алтындан билим артык.

11 Анткени акылмандык берметтен артык, ага адам каалаган нерселердин эч бири тең келбейт.

12 Мен, акылмандык, акыл менен чогуу жашайм, туура билимди издейм.

13 Теңирден коркуу – жамандыкты жек көрүү. Текебердикти, менменсингендикти, кыянат жолду, жалган ооздү мен жек көрөм.

14 Менде кеңеш менен чындык бар; мен акылмын, менде күч бар.

15 Падышалар менин жардамым менен бийлик кылышат, өкүмдарлар менин жардамым менен чындыктын негизинде мыйзам чыгарышат.

16 Башчылар да, төрөлөр да, жер жүзүндөгү башкаруучулар да менин жардамым менен башкарышат.

17 Мени сүйгөндөрдү мен да сүйөм, мени издегендер мени табышат.

18 Байлык да, даңк да, жок болбой турган казына да, чындык да менде.

19 Менин жемишим алтындан, эң таза алтындан артык, тандамал күмүшкө караганда менден пайда көп.

20 Мен чындыктын жолу менен, адилеттиктин жолу менен жүрөм.

21 Мени сүйгөндөрдү чыныгы байлыкка жеткирем, алардын казыналарын толтурам.

22 Теңир мени Өзүнүн жолунун башталышында эле, бардыгын жарата электен мурун эле, эзелки убакта эле жараткан.

23 Мен кылымдар мурун эле, башында эле, жер жаратыла электен мурун эле майлангам.

24 Мен түпсүз туңгуюктар жарала электе эле, суусу мол булактар жарала электе эле төрөлгөм.

25 Мен тоолор орнотула электе эле, адырлар жаратыла электе эле төрөлгөм.

26 Теңир жерди да, талааларды да, ааламдын алгачкы чаңчаларын да жарата электе эле төрөлгөм.

27 Теңир асманды даярдай баштаганда, мен ошол жерде болчумун. Ал түпсүз туңгуюктардын үстүнөн тегерете сызык жүргүзүп жатканда,

28 асманга булуттарды орнотуп жатканда, түпсүз туңгуюк булактарын бекемдеп жатканда,

29 суулар чегинен ашып кетпесин деп, деңизге мыйзам берип жатканда, жердин негизин орнотуп жатканда,

30 мен Анын жанында сүрөтчү болчумун. Ар күнү Анын кубанычы болчумун, Анын алдында ар дайым кубанып турчумун.

31 Анын жараткан жер шарында кубанып турчумун, менин кубанычым адам баласы менен бирге болгон.

32 Ошентип, балдарым, мени уккула. Менин жолумду сактагандар бактылуу!

33 Акыл-насааттарды угуп, акылдуу болгула, четке какпагыла.

34 Ар күнү менин дарбазамдын жанында сергек болуп, эшигимдин алдында сакчылыкта туруп, мени уккан адам бактылуу!

35 Анткени мени тапкан адам өмүрдү тапты, ал Теңирден ырайым табат.

36 Ал эми мага каршы күнөө кылган адам өз жанына зыян келтирет, мени жек көргөндөрдүн бардыгы өлүмдү жакшы көрүшөт».

**9-БӨЛҮМ**

**Акылдуулук жана акылсыздык**

1 Акылмандык өзүнө үй куруп, анын жети мамысын жонуп жылмалады,

2 курмандык мууздап, шарап ачытып, өзүнө дасторкон даярдады.

3 Өзүнүн кулдарын шаардын бийик жерлеринен жар салууга жөнөттү:

4 «Ким акылсыз болсо, бул жакка кайрылсын». Кем акылга ал мындай деди:

5 «Келгиле, менин нанымды жегиле, мен ачытып койгон шарапты ичкиле!

6 Акылсыздыкты таштагыла, жашагыла, акылдын жолу менен жүргүлө».

7 Шылдыңчыл адамды үйрөткөн жаманаттыга калат, мыйзамсыз адамды ашкерелеген өз бетине көө жабат.

8 Шылдыңчыл адамды ашкерелебе, болбосо ал сени жек көрүп калат, акылдуу адамды ашкереле, ал сени жакшы көрүп калат.

9 Акылдуу адамга акыл-насаат айтсаң, ал ого бетер акылдуу болот, адил адамды үйрөтсөң, ал билимин дагы арбытат.

10 Акылмандыктын башталышы – Теңирден коркуу, ыйык Кудайды таанып билүү – акыл.

11 Анткени мен аркылуу өмүрүң узарат, өмүрүңө өмүр кошулат.

12 Акылдуу болсоң, өзүң үчүн акылдуусуң; шылдыңчыл болсоң, азабын өзүң тартасың.

13 Ойлонуп иш кылбаган, чуулгандуу, акылсыз, эч нерсе билбеген аял

14 өзүнүн үйүнүн эшигинин алдындагы отургучка, шаардын бийик жерлерине отуруп алып,

15 жолдон өтүп бара жаткандарды, өз жолу менен түз бара жаткандарды чакырып:

16 «Ким акылсыз болсо, бул жакка кайрылсын», – дейт, анан кем акыл адамга мындай деп айтат:

17 «Уурдап ичкен суу таттуу болот, катып жеген нан даамдуу болот».

18 Ал адам бул аялдын үйү өлгөндөр жаткан жай экенин, анын өтүнүп чакырып алган адамдары өлгөндөр жаткан жайдын түбүндө экенин билбейт.

**10-БӨЛҮМ**

**Мыйзамсыздык – акылсыздык. Адилдик – акылмандык**

1 Сулаймандын накыл сөздөрү. Акылдуу уул атасын кубантат, акылсыз уул – энесинин кайгысы.

2 Жалган жолдор менен табылган байлык пайда алып келбейт, адилдик болсо өлүмдөн куткарат.

3 Теңир адил адамга ачкачылыктын азабын тартууга жол бербейт, мыйзамсыздын жыйып алганын алып ыргытат.

4 Эринчээк кол жарды кылат, аракетчил кол байытат.

5 Жайында түшүм жыйган уул – акылдуу уул, оруу-жыюу маалында уктап жаткан уул – уятка калтырчу уул.

6 Адил адам батага ээ болот, мыйзамсыздардын оозу зомбулукту жаап-жашырат.

7 Адил адам алкоо менен эскерилет, мыйзамсыздардын аты өчөт.

8 Жүрөгү акылдуу адам осуяттарды кабыл алат, акылсыз адам оозунан жаңылып жыгылат.

9 Түз жүргөн адам коопсуз жашайт, ал эми түз жолдон чыккан адам жазаланат.

10 Көзүн ымдаган адам бирөөнү ыза кылат, ал эми акылсыз адам оозунан жаңылып жыгылат.

11 Адил адамдын оозу – өмүр булагы, ал эми мыйзамсыздардын оозу зулумдукту жаап-жашырат.

12 Жек көрүү жаңжал чыгарат, ал эми сүйүү бардык күнөөнү жабат.

13 Акылдуунун оозунда акыл бар, ал эми акылсыздын денесинен таяк кетпейт.

14 Акылдуулар билимди сакташат, акылсыздардын оозу – тез келүүчү өлүм.

15 Байдын мүлкү – өзүнө чептүү шаар, жакырлардын кайгысы – өздөрүнүн начар турмушу.

16 Адил адамдын эмгеги өмүргө ээ кылат, мыйзамсыздын ийгилиги күнөөгө алып барат.

17 Акыл-насаатты сактаган адам өмүр жолунда, акыл-насааттан баш тарткан адам адашып жүрөт.

18 Жек көрүүсүн жашырган адамдын оозу жалган. Ушак тараткан адам – акылсыз адам.

19 Көп сүйлөгөн адам күнөөгө батпай койбойт. Тилин тыйган адам – акылдуу адам.

20 Адил адамдын тили – тандамал күмүш, мыйзамсыздын жүрөгү эч нерсеге арзыбайт.

21 Адил адамдын сөзү көптү багат, акылсыздар акыл жетишпегенден өлүшөт.

22 Теңирдин батасы байытат, өзү менен кошо кайгы алып келбейт.

23 Акылсыз адамга кылмыш кылуу – оюн-тамаша, ал эми акылдуу адамга акыл таандык.

24 Мыйзамсыз эмнеден корксо, анын башына ошол түшөт, ал эми адил адамдын тилеги аткарылат.

25 Мыйзамсыз адам куюн учургандай жок болот, ал эми адил адам түбөлүк негизде турат.

26 Тишке уксус кандай болсо, көзгө түтүн кандай болсо, жалкоону жумшаган адамга жалкоо да ошондой.

27 Кудайдан коркуу өмүрдү узартат, ал эми мыйзамсыздардын өмүрү кыскарат.

28 Адил адамдарды кубаныч күтүп турат, мыйзамсыздардын үмүтү таш кабат.

29 Теңирдин жолу – кемчиликсиз адамдар үчүн чеп, мыйзамсыздар үчүн коркунуч.

30 Адил адам түбөлүккө олку-солку болбойт, мыйзамсыздар болсо жер үстүндө калышпайт.

31 Адил адамдын оозунан акылдуу сөз чыгат, ал эми алдамчы тил кесилет.

32 Адил адам орундуу сүйлөгөндү билет, ал эми мыйзамсыздын оозунан ыпылас сөз чыгат.

**11-БӨЛҮМ**

1 Туура эмес тараза Теңирдин алдында жийиркеничтүү, туура тараза Ага жагат.

2 Текебердик келгенде, маскаралык да келет, ал эми момундарда акылмандык.

3 Куулугу жок адамдарды чынчылдыгы жетектейт, ал эми жүзү каралары амалкөйлүгү өлтүрөт.

4 Каар төгүлө турган күнү байлык жардам бербейт, ал эми адилдик өлүмдөн куткарат.

5 Кемчиликсиз адамдын жолун өзүнүн адилдиги түздөйт, ал эми мыйзамсыз адам өзүнүн мыйзамсыздыгынын айынан кулайт.

6 Куулугу жок адамдарды өздөрүнүн адилдиги куткарат, ал эми мыйзамсыздар өздөрүнүн мыйзамсыздыгы менен торго түшүшөт.

7 Күнөөкөр адамдын үмүтү өзү менен кошо жоголот, мыйзамсыздардын үмүтү жок болот.

8 Адил адам кырсыктан кутулат, анын ордуна мыйзамсыз тутулат.

9 Эки жүздүү өз жакынын тили менен өлтүрөт, ал эми адил адамдар кыраакылыгы менен кутулушат.

10 Адил адамдар жакшы жашап жатканда, шаар кубанат; мыйзамсыз адамдар өлгөндө, майрам болот.

11 Адил адамдардын батасы менен шаар гүлдөйт, ал эми мыйзамсыздардын тили менен шаар талкаланат.

12 Кем акыл жакынына жек көрөрүн айтат, ал эми акылдуу адам унчукпайт.

13 Сөз ташыган адам жашыруун сырды ачат, ал эми ишенимдүү киши ичинде сактайт.

14 Туура кеңештин жоктугунан элдин абалы начарлайт, кеңешчилер көп болсо, эл куткарылат.

15 Бирөөнүн милдетин мойнуна алган адам өзүнө өзү жамандык кылат, ал эми кепилдикти жек көргөн адам коопсуз болот.

16 Адептүү аял даңкка ээ болот, ал эми эмгекти сүйгөндөр байлыкка ээ болушат.

17 Кайрымдуу адам өз жанына жакшылык кылат, ал эми таш боор адам өз денесин кыйратат.

18 Мыйзамсыз адам жалган жол менен пайда табат, ал эми чындыкты сепкен адам чыныгы белек алат.

19 Адилдик өмүргө ээ кылат, ал эми жамандыкка умтулган адам өлүмгө умтулат.

20 Жүрөгү бузук адамдар Теңирдин алдында жийиркеничтүү, ал эми кемчиликсиз жашагандар Ага жагат.

21 Бузуку адам жазаланбай калбайт деп, кепилге өтүүгө болот, ал эми адил адамдардын тукуму куткарылат.

22 Сулуу, бирок акылсыз аял мурдуна алтын шакек тагылган чочкодой.

23 Адил адамдардын каалаганы – жалаң жакшылык, мыйзамсыздарды каар күтүп турат.

24 Бирөө мол себет, аныкына дагы кошулат; экинчи бирөө ашкере үнөмчүл, ошого карабастан жакырдана берет.

25 Кайрымдуу жан ток болот. Бирөөнүн суусунун кандырган адамдын да суусуну кандырылат.

26 Данды кампасына катып алган адам элдин каргышына калат, ал эми саткан адамдын үстүндө бата болот.

27 Жакшылыкка умтулган адам жакшылык табат, жамандык издеген адамга жамандык келет.

28 Байлыгына таянган адам кулайт, ал эми адил адамдар жалбырактай көгөрүшөт.

29 Үйүн бузган адам энчисине шамал алат, акылсыз адам жүрөгү акылдуу адамга кул болот.

30 Адил адамдын жемиши – өмүр дарагы, акылдуу адам адамдарды өзүнө тартат.

31 Ошентип, адил адамга жер үстүндө өз тиешеси берилсе, андан бетер мыйзамсызга да, күнөөкөргө да өз тиешеси берилет.

**12-БӨЛҮМ**

1 Акыл-насаатты сүйгөн адам билимди сүйөт, ал эми ашкерелөөнү жек көргөн адам акылсыз.

2 Жакшы адам Теңирден ырайым табат, ал эми жаман ойлуу адамды Теңир жазалайт.

3 Адам өзүн мыйзамсыздык менен бекемдей албайт, ал эми адил адамдын тамыры ордунан козголбойт.

4 Жакшы аял – күйөөсүнүн таажысы, ал эми абийирсиз аял – сөөктөгү ириң.

5 Адил адамдардын ойлогону – акыйкаттык, ал эми мыйзамсыздардын ойлогону – жамандык.

6 Мыйзамсыздардын тили – кан төгүү үчүн коюлган буктурма, ал эми адил адамдарды өздөрүнүн оозу куткарат.

7 Мыйзамсыздар кырсык басары менен жок болушат, ал эми адил адамдардын үйү тура берет.

8 Адамды акылына жараша макташат, ал эми жүрөгү бузук адам жек көрүндү болот.

9 Нанга муктаж болуп туруп, өзүн көрүнүктүү адам кылып көрсөткөнгө караганда, өзү үчүн эмгектенген жөнөкөй адам артык.

10 Адил адам малы үчүн да кам көрөт, мыйзамсыз адамдар болсо таш боор.

11 Өз жерин иштеткен адам нанга тоёт, ал эми бекерчиликти сүйгөндөрдү туураган адам кем акыл.

12 Мыйзамсыз адам адил адамды жамандыктын торуна түшүргүсү келет, бирок адил адамдын тамыры бекем.

13 Мыйзамсыз адам өз оозунун күнөөлөрү менен торго түшөт, ал эми адил адам жамандыктан кутулат.

14 Адил адам өз оозунун жемишинен жакшылыкка тоёт, адам өзүнүн кылган ишине жараша тиешесин алат.

15 Акылсыз адамга өзүнүн жолу түз көрүнөт, ал эми кеңеш уккан адам акылдуу.

16 Акылсыз адамдын ачуусу дароо эле сыртка чыгат, ал эми акылдуу адам ызасын сыртка чыгарбайт.

17 Билгенин айткан адам чындыкты айтат, ал эми жалган күбөнүн айтканы жалган.

18 Маңызсыз сүйлөгөн адам кылыч менен жаралагандай жаралайт, ал эми акылдуу адамдардын тили сакайтат.

19 Адил адамдын тили түбөлүк жашайт, ал эми алдамчынын тили көз ирмемге эле жашайт.

20 Кара ниеттин жүрөгүндө – жаман ой, тынчтык орнотуучулардын жүрөгүндө – кубаныч.

21 Адил адам эч жамандык көрбөйт, мыйзамсыздар болсо көп жамандык көрүшөт.

22 Жалган сүйлөгөн тил Теңирдин алдында жийиркеничтүү, ал эми чындыкты сүйлөгөндөр Ага жагат.

23 Акыл-эстүү адам билимин жашырат, ал эми акылсыздын акылсыздыгын өзүнүн жүрөгү көрсөтүп турат.

24 Аракетчилдердин колу башкарат, ал эми жалкоонун колу салык төлөйт.

25 Жүрөгүндөгү санаа адамдын көңүлүн чөктүрөт, ал эми жылуу сөз аны кубантат.

26 Адил адам жакынына жол көрсөтөт, ал эми мыйзамсыздын жолу аларды адаштырат.

27 Жалкоо адам өзүнүн илбээсинин бышырып жегенден эринет, ал эми аракетчил адамдын мүлкү баалуу.

28 Чындыктын жолунда өмүр бар, анын жолунда өлүм жок.

**13-БӨЛҮМ**

1 Акылдуу уул атасынын акыл-насаатын угат, ал эми ээ-жаа бербеген уул айыбын ачкандарды укпайт.

2 Адам өз оозунун жемишинен жакшылык көрөт, ал эми мыйзамды бузгандардын жаны жамандык көрөт.

3 Тилин тыйган адам жанын сактайт, ал эми оозун чоң ачкан адам кыйынчылыкка дуушар болот.

4 Жалкоо эңсейт, бирок эңсегени бекер, ал эми аракетчил адамдар тоюшат.

5 Адил адам жалган сөздү жек көрөт, ал эми мыйзамсыз адам өз абийирин өзү төгүп, өзүн өзү маскара кылат.

6 Кемчиликсиз адамды чындык сактайт, ал эми күнөөкөрдү мыйзамсыздыгы өлтүрөт.

7 Бирөө эч нерсеси жок болсо да, өзүн бай көрсөтөт. Экинчи бирөө байлыгы ашып-ташып турса да, өзүн бечара көрсөтөт.

8 Адам байлыгы менен өз өмүрүн сатып алат, ал эми жардыны эч ким коркутпайт.

9 Адил адамдардын жарыгы жаркырап турат, мыйзамсыздардын чырагы болсо өчөт.

10 Менменсинүүдөн чыр чыгат, ал эми кеңешкендерде акыл бар.

11 Оңой жол менен табылган байлык тез жок болот, ал эми мээнет менен жыйнаган адам байлыгын арттырат.

12 Көпкө чейин ишке ашпаган үмүт жүрөктү кыйнайт, ал эми ишке ашкан үмүт – өмүр дарагы.

13 Кудайдын сөзүн этибар албаган адам өзүнө зыян келтирет, ал эми осуяттан корккон адам тиешесин алат.

14 Акылдуунун окутуусу – өлүмдүн торунан сактап кала турган өмүр булагы.

15 Жакшы акыл жакшы нерсеге жеткирет, ал эми мыйзамсыздардын жолу катаал.

16 Ар бир эстүү адам акыл менен иш кылат, ал эми акылсыз адам өзүнүн акылсыздыгын көрсөтөт.

17 Жаман элчи кырсыкка кабылат, ал эми ишенимдүү элчи куткарат.

18 Үйрөнүүдөн баш тарткан адамды жакырлык менен маскарачылык күтүп турат, ал эми акыл-насаатты сактаган адам урматка ээ болот.

19 Ишке ашкан тилек жанга жагымдуу, ал эми жамандыктан четтөө – акылсыздар үчүн чыдагыс нерсе.

20 Акылдуу адамдар менен мамилелешкен адам акылдуу болот, ал эми акылсыз адамдар менен достошкон адам бузулат.

21 Күнөөкөрлөрдү жамандык ээрчип жүрөт, ал эми адил адамдар жакшылык көрүшөт.

22 Жакшы адам неберелерине да мурас калтырат, ал эми күнөөкөрдүн байлыгы адил адам үчүн сакталат.

23 Жардылардын талаасында да мол түшүм болот, бирок кээ бир адамдар баш аламандыктан өлүп жатышат.

24 Чыбык аяган адам уулун жек көрөт, ал эми уулун сүйгөн адам аны бала чагынан жазалайт.

25 Адил адам тамакты тойгончо жейт, ал эми мыйзамсыз адамдардын карды ач болот.

**14-БӨЛҮМ**

1 Акылдуу аял үйүн курат, ал эми акылы жок аял аны өз колу менен бузат.

2 Түз жол менен бара жаткандар Теңирден коркушат, ал эми кимдин жолу түз эмес болсо, ал Теңирди тоотпойт.

3 Акылсыздын тили – текебердиктин камчысы, ал эми акылдууларды тили сактайт.

4 Бука жок жерде акыр бош, ал эми мол киреше букалардын күчүнөн.

5 Ишенимдүү күбө калп айтпайт, ал эми жалган күбө көп жалаа жабат.

6 Шылдыңчыл адам акылмандыкты издейт, бирок таба албайт, ал эми акылдуу адамга билим алуу оңой.

7 Акылсыз адамдан кач, анын оозунан акылдуу сөз чыкпайт.

8 Акылдуу адамдын акылдуулугу – өз жолун билгендиги, акылсыз адамдардын акылсыздыгы болсо – адашуу.

9 Акылсыз адамдар күнөөгө күлүшөт, ал эми адил адамдардын арасында ынтымак.

10 Жүрөк өз жанынын кайгысын билет, анын кубанычын бөлөк бирөө бөлүшө албайт.

11 Мыйзамсыздардын үйү бүлгүнгө учурайт, ал эми адил адамдардын үйү гүлдөйт.

12 Адамга түз көрүнгөн жолдор бар, бирок алардын акыры – өлүмгө алып баруучу жол.

13 Күлүп жаткан адамдын да жүрөгү ооруйт, кээде кубанычтын аягы кайгы менен бүтөт.

14 Жүрөгү бузук адам өз жолунун жемишине тоёт, жүрөгү таза адам да өз жолунун жемишине тоёт.

15 Акылсыз адам ар бир сөзгө ишене берет, ал эми акылдуу адам өз жолун байкап жүрөт.

16 Акылдуу адам Кудайдан коркуп, жамандыктан качат, ал эми акылсыз адам ачуулуу, өзүнө өзү ишенген адам болот.

17 Ачуусу чукул адам акылсыздык кылышы мүмкүн, ал эми атайылап кыянаттык кылган адам жек көрүндү болот.

18 Түркөй адамдар энчисине акылсыздыкты алышат, ал эми акылдуу адамдар билим менен сыйланышат.

19 Кара ниет адамдар ак ниет адамдарга, мыйзамсыз адамдар адил адамдардын дарбазасынын алдында таазим кылышат.

20 Жакыр өз жакындарына да жек көрүндү болот, ал эми бай кишинин достору көп.

21 Өз жакынын жек көрүп жаткан адам күнөө кылып жатат, ал эми жакырга кайрымдуу болгон адам бактылуу.

22 Жамандык кылууну ойлоп жаткандар адашып жатышкан жокпу? Ал эми жакшылык кылууну ойлогон адамдарда ырайым, ишеним бар.

23 Ар бир эмгектен киреше кирет, ал эми маңызсыз сөз зыянга гана учуратат.

24 Акылдуу адамдардын таажысы – өздөрүнүн байлыгы, ал эми түркөй адамдардын таажысы – өздөрүнүн акылсыздыгы.

25 Ишенимдүү күбө адамдарды куткарат, ал эми жалган күбө жалаа жабат.

26 Теңирден коркуу – бекем таяныч, Ал – Өз уулдарына баш паана.

27 Теңирден коркуу – өмүр булагы, ал өлүм торунан сактайт.

28 Эли көп падыша – улуу падыша, эли аз падыша – шордуу падыша.

29 Сабырдуу адамдын акылы мол, ал эми ачуусу чукул адам өзүнүн акылсыздыгын көрсөтөт.

30 Момун жүрөк – денеге өмүр, ал эми көрө албастык – сөөккө ириң.

31 Жакырды кордогон адам анын Жаратканына акарат келтирет, ал эми Аны урматтаган адам муктаж болуп турган адамга жакшылык кылат.

32 Мыйзамсыз адам кылган жамандыгы үчүн четке кагылат, ал эми адил адамдын өлүм алдында да үмүтү бар.

33 Акылмандык акылдуунун жүрөгүндө жашайт, акылсыздар арасында ал өзү жөнүндө билдирип турат.

34 Адилдик элдин даңкын чыгарат, ал эми мыйзамсыздык элдин абийирин төгөт.

35 Падыша акылдуу кулга ырайым кылат, ал эми аны уят кылган адамга каарын чачат.

**15-БӨЛҮМ**

1 Момундук менен айтылган жооп каарды токтотот, ал эми кордогон сөз ачууну козгойт.

2 Акылдуу адамдардын тили билимди кабарлайт, ал эми акылсыздардын оозу акылсыздыкты сүйлөйт.

3 Теңирдин көзү бардык жерде, ал жакшыларды да, жамандарды да көрүп турат.

4 Момун тил – өмүр дарагы, ал эми ооздукталбаган тил рухту талкалайт.

5 Акылсыз адам атасынын акыл-насаатын барктабайт, ал эми айыбын ачканды уккан адам акылдуу.

6 Адил адамдын үйүндө байлык көп, ал эми мыйзамсыздын кирешеси өзүнө бүлүнүү алып келет.

7 Акылдуу адамдардын оозу билим таратат, акылсыздардын жүрөгү андай эмес.

8 Мыйзамсыздардын курмандыгы Теңирдин алдында жийиркеничтүү, ал эми адил адамдардын сыйынуусу Ага жагат.

9 Мыйзамсыздын жолу Теңирдин алдында жийиркеничтүү, ал эми акыйкат жолу менен жүргөн адамды Ал жакшы көрөт.

10 Түз жолдон чыккандар катуу жазаланат, айыбын ачкан адамды жек көргөн адам өлөт.

11 Өлгөндөр жаткан жай менен Абадон Теңирдин алдында ачык, андан бетер адам баласынын жүрөгү Анын алдында ачык.

12 Шылдыңчыл адам айыбын ашкере кылган адамдарды сүйбөйт, акылдуу адамдарга да барбайт.

13 Жүрөктөгү кубаныч жүздү жайдары кылат, ал эми жүрөктөгү кайгы көңүлдү чөгөрөт.

14 Акылдуунун жүрөгү билим издейт, ал эми акылсыздардын оозу акылсыздык менен тамактанат.

15 Бактысыздын бардык күндөрү кайгылуу, ал эми жайдары адамда күндө той.

16 Бай болуп тынчсызданып жашаганча, кедей болуп Теңирден коркуп жашаган жакшы.

17 Жек көрүү бар жерде семиз буканын этин жегенге караганда, сүйүү бар жерде жашылчадан жасалган тамак жеген жакшы.

18 Ачуусу чукул адам чатак чыгарат, ал эми сабырдуу адам чатакты басат.

19 Жалкоонун жолу – тикенектүү чырмоок, ал эми адил адамдардын жолу тегиз.

20 Акылдуу уул атасын кубантат, акылсыз уул энесин барктабайт.

21 Акылсыздык – кем акыл адам үчүн кубаныч, ал эми акылдуу адам түз жол менен жүрөт.

22 Кеңешпей кылган иштер бузулат, кеңешчилер көп болсо, алар ишке ашат.

23 Адам берген туура жообунан кубаныч алат, ошондой эле өз убагында айтылган сөз кандай жакшы!

24 Төмөн жактагы өлгөндөр жаткан жайга түшпөс үчүн, акылмандын өмүр жолу жогору кетет.

25 Теңир менменсингендердин үйүн кыйратат, ал эми жесирдин чегин бекемдейт.

26 Кара ниеттердин ойлору Теңирдин алдында жийиркеничтүү, ал эми кемчиликсиз адамдардын сөздөрү Теңирге жагат.

27 Алдым-жуттум адам өз үйүн бүлдүрөт, ал эми параны жек көргөн адам жашайт.

28 Адил адамдын жүрөгү ойлонуп жооп берет, ал эми мыйзамсыздардын оозунан жаман сөз чыгат.

29 Теңир мыйзамсыздардан алыс, ал эми адил адамдардын сыйынуусун угат.

30 Жарык жүз жүрөктү кубантат, жакшы кабар сөөктү агартат.

31 Турмуш сабактарын кунт коюп уккан адам акылдуу адамдардын арасында болот.

32 Акыл-насаатты четке каккан адам өз жанына кайдыгер, ал эми сынга кулак салган адам акылга ээ болот.

33 Теңирден коркуу акылдуу кылат, моюн сунуудан кийин даңк келет.

**16-БӨЛҮМ**

1 Адам жүрөгүндө бир нерсени ниет кылат, бирок анын жообу Теңирден болот.

2 Адамга өзүнүн бардык жолдору таза көрүнөт, бирок жүрөктөрдү Теңир салмактайт.

3 Иштериңди Теңирге тапшыр, ошондо ойлогон ойлоруң ишке ашат.

4 Бардыгын Теңир Өзү үчүн жаратты. Атүгүл, мыйзамсызды кайгы күнгө сактап турат.

5 Жүрөгү текебер адам Теңирдин алдында жийиркеничтүү, ал жазасыз калбайт деп, кепилге өтсө болот.

6 Ырайым жана чындык менен күнөө тазаланат, Теңирден коркуу жамандыктан алыстатат.

7 Адамдын жолдору Теңирге жакканда, Ал аны душмандары менен да элдештирет.

8 Алдамчылык менен мол киреше тапканча, чындык менен аз киреше тапкан артык.

9 Адамдын жүрөгү өз жолун ойлонуштурат, бирок анын кадамын Теңир багыттайт.

10 Падышанын оозунан Кудайдын өкүмү чыгат, сотто анын оозу күнөө кылбайт.

11 Туура тараза жана өлчөөчү идиштер Теңирден, баштыктагы бардык тараза таштар да Теңирден.

12 Мыйзамсыз иш падышалар үчүн жийиркеничтүү, анткени такты чындык менен бекемделет.

13 Чын сүйлөгөн ооз падышага жагат, ал чындыкты сүйлөгөн адамды жакшы көрөт.

14 Падышанын каары – өлүмдүн кабарчысы, бирок акылдуу адам анын каарын кайттырат.

15 Падышанын жарык жүзү – өмүр, анын ырайым кылганы жазгы жамгырдай.

16 Даанышмандыкка ээ болуу алтынга ээ болуудан алда канча жакшы, акылмандыкка ээ болуу тандамал күмүшкө ээ болуудан жакшы.

17 Адил адамдардын жолу – жамандыктан оолак болуу. Өз жолун сактаган адам өз жанын сактайт.

18 Кыйроонун алдында текебердик келет, кулардын алдында менменсингендик келет.

19 Текеберлер менен олжо бөлүшкөнчө, момундар менен бирге моюн сунган жакшы.

20 Ишти акылдуулук менен жүргүзгөн адам ийгилик табат, Теңирге таянган адам бактылуу.

21 Жүрөгү акылдуу адам акылдуу деп аталат, жагымдуу сөз акылга акыл кошот.

22 Акылы бар адам үчүн акыл – өмүрдүн булагы, ал эми акылсыздардын илимпоздугу – акылсыздык.

23 Акылдуу адамдын жүрөгү өз тилин акылдуу кылат, оозундагы билимин арттырат.

24 Жагымдуу сөз – бал, ал – жанга жагымдуу, сөөккө дары.

25 Адамга түз көрүнгөн жолдор бар, бирок алардын аягы – өлүмгө алып баруучу жол.

26 Эмгекчи өзү үчүн эмгектенет, анткени эмгектенүүгө оозу мажбурлап жатат.

27 Амалкөй адам жамандык ойлоп турат, анын оозунан куйкалоочу от чыгат.

28 Эки жүздүү адам чыр-чатак себет, ушакчы адам досторду ажыратат.

29 Жакшылык ойлобогон адам өз жакынын бузуп, жаман жолго түртөт.

30 Ал кыянаттык ойлоп табыш үчүн, көзүн жүлжүйтөт, эриндерин тиштеп, кыянаттык кылат.

31 Даңктын таажысы – чындык жолунда жүргөн ак чач.

32 Көпкө чыдаган адам эр жүрөк адамдан артык, өзүн кармай билген адам шаарды басып алган адамдан артык.

33 Өкчөмө таш жерге ыргытылат, бирок анын бардык чечими Теңирден болот.

**17-БӨЛҮМ**

1 Уруш-талаш кетпеген үйдөгү толо эттен тынч жашаган үйдөгү бир сындырым каткан нан артык.

2 Акылдуу кул мырзасынын бузулган уулуна бийлик кылат, анын бир туугандары менен кошо мураска ээ болот.

3 Эритүүчү меш күмүш үчүн, көрүктүн очогу алтын үчүн, ал эми жүрөктөрдү Теңир сынайт.

4 Бузуку адам мыйзамсыздын сөзүн угат, алдамчы адам кыянатчы адамдын тилин алат.

5 Жакырды тилдеген адам анын Жаратканына акарат келтирген болот. Бирөөнүн башына мүшкүл түшкөнүнө кубанган адам жазасыз калбайт.

6 Карылардын таажысы – балдарынын балдары, балдардын даңкы – ата-энелери.

7 Акылсыз адамга маанилүү сөз жарашпайт, атактуу адамга калп айткан жарашпайт.

8 Пара – берчү киши үчүн асыл таш, ал каякка кайрылса да үлгүрөт.

9 Айыпты жаап койгон адам сүйүү издейт, ал эми аны кайра эскерткен адам досун алыстатат.

10 Акылсыз адамга жүз балак таасир эткенге караганда, акылдуу адамга сөгүш катуу таасир этет.

11 Жаңжалчыл жамандык гана издейт, ошондуктан ага каршы ырайымсыз периште жөнөтүлөт.

12 Акылсыз адамга кезиккиче, мамалактарынан ажыраган аюуга кезиккен жакшы.

13 Жакшылыкка жамандык менен жооп берген адамдын үйүнөн жамандык кетпейт.

14 Чатактын башталышы жарып кирген суудай. Чатакты күчөп кете электе токтот.

15 Мыйзамсыз адамды актаган адам да, адил адамды каралаган адам да Теңирдин алдында жийиркеничтүү.

16 Акылсыздын колундагы байлыктын баркы жок. Даанышмандыкка жетүүгө анын акылы жок.

17 Дос ар дайым сүйөт, башыңа иш түшкөндө, ал бир тууганыңдай болуп келет.

18 Кем акыл адам колун берип, өз жакынына кепилдикке өтөт.

19 Чатакты жакшы көргөн адам күнөөнү жакшы көрөт. Дарбазасын бийик көтөргөн адам – жыгылууну издеген адам.

20 Анткор жүрөк жакшылык көрбөйт, амалкөй тил кырсыкка кабылат.

21 Акылсызды төрөгөн адам башына балаа үйдү, акылсыздын атасы да кубаныч көрбөйт.

22 Шайыр жүрөк даба болчу дарыдай жакшы таасир берет, кайгылуу рух сөөктү кургатат.

23 Акыйкаттыктын жолун бурмалаш үчүн, мыйзамсыз адам жең ичинен пара алат.

24 Даанышмандык акылдуу адамдын көз алдында, ал эми акылсыздын көзү жердин түбүндө.

25 Акылсыз уул – атасынын шору, энесинин кайгысы.

26 Айыбы жокту айыптаган, чындык үчүн мырзаларды таяктаган жакшы эмес.

27 Акылдуу адам токтоолук менен сүйлөйт, акыл-эстүү адам сабырдуу болот.

28 Акылсыз адам унчукпай турганда акылдуу адам болуп көрүнүшү мүмкүн, ооз ачпаган адам акыл-эстүү адам болуп көрүнүшү мүмкүн.

**18-БӨЛҮМ**

1 Өз дегенин бербеген адам өз каалаганын кылгысы келет, бардык туура нерсеге каршы чыгат.

2 Акылсыз адам билимди сүйбөйт, бирок ал өзүнүкүн гана айткысы келет.

3 Мыйзамсыздын келиши менен жек көрүү кошо келет, ал эми кордук менен кошо шылдың келет.

4 Адамдын оозунан чыккан сөз – терең суу. Акылмандыктын башаты – кайнар булак.

5 Адил адамды сотто айыпка жыгыш үчүн, мыйзамсыз адамга бет карамалык кылган жакшы эмес.

6 Акылсыздын тили чатак чыгарат, айткан сөзү үчүн таяк жейт.

7 Акылсыздын тили – өзүнө өлүм, оозу – жаны үчүн жайылган тор.

8 Ушакчынын сөздөрү таттуу нерсе сыяктуу, алар адамдын карынына кирип кетет.

9 Өз ишине кош көңүл болгон адам – ысырапчыл адамдын тууганы.

10 Теңирдин ысымы – бекем мунара: адил адам ага качып кирип, коопсуз болот.

11 Байдын мал-мүлкү – анын бекем шаары, ал ага бийик чеп болуп сезилет.

12 Жыгылардын алдында адамдын жүрөгү текеберденет, ал эми моюн сунгандык атак-даңкка жеткирет.

13 Аягына чейин укпай туруп жооп берген адам акылсыз, ал уятка калат.

14 Адамдын руху адамдын алсыздыгын көтөрөт, ал эми жараланган рухту ким сакайта алат?

15 Акылдуу адамдын жүрөгү билимге жетет, акылдуу адамдардын кулагы билимди издейт.

16 Берилген белек адамдын жолун ачып, аны төрөлөргө чейин жеткирет.

17 Атаандашы келип изилдегиче биринчи келгендин кеби жүйөөлүүдөй туюлат.

18 Өкчөмө таш талаш-тартышты токтотуп, күчтүүлөрдүн ортосундагы талаш-тартышты чечет.

19 Каарданган бир тууган кире алгыс чептүү шаардан да бекем. Чыр-чатак сепилдин кулпуларына окшош.

20 Адамдын ичи өз тилинин жемишине толот, ал өз оозунун чыгармасына тоёт.

21 Өлүм менен өмүр тилдин бийлигинде, аны сүйгөндөр анын жемишинен татышат.

22 Жакшы аял тапканы – ырыс тапканы, Теңирден ырайым көргөнү.

23 Жакыр жалбарып сүйлөйт, бай орой жооп берет.

24 Дос күткүсү келген адам досторчо мамиле кылышы керек. Бир тууганыңдан да жакын дос болот.

**19-БӨЛҮМ**

1 Жалган сүйлөгөн, анан калса, акылсыз байга караганда такыбаа жашаган кембагал артык.

2 Билимсиз болуу жакшы эмес, шашкан адам мүдүрүлөт.

3 Акылсыздыгы адамды жолунан адаштырат, жүрөгү болсо Теңирге кыжырданат.

4 Байлык досту көбөйтөт, ал эми жакырды досу да таштап кетет.

5 Жалган күбө жазасыз калбайт, калп айткан адам качып кутулбайт.

6 Адамдардын көбү атактууларга кошомат кылат, белек берген адамга баары дос.

7 Жакыр адамды өзүнүн бүт бир туугандары жек көрөт, достору андан бетер андан качышат, алар менен сүйлөшөйүн деп, ал алардын артынан чуркайт, бирок сүйлөшө албайт.

8 Акылга жеткен адам өз жанын сүйөт, акыл-эсти сактаган адам бакыт табат.

9 Жалган күбө жазасыз калбайт, жалган айткан адам өлөт.

10 Акылсыз адамга сөөлөт жарашпайт, андан бетер кулга төрөлөргө бийлик кылуу жарашпайт.

11 Акыл-эстүү адам ачууга алдырбайт, бирөөнүн кылмышын кечирип коюу – ал үчүн даңк.

12 Падышанын ачуусу арстандын айкырыгындай, ал эми ырайымы чөптүн үстүндөгү шүүдүрүмдөй.

13 Акылсыз уул – өз атасына кайгы, ажаан аял – тынымсыз тамчылаган суу.

14 Үй менен мал-мүлк – ата-энеден калган мурас, ал эми акылдуу аял – Теңирден.

15 Эринчээктик уйкуга чөмүлтөт, шалаакы адам ачка калат.

16 Мыйзамды сактаган адам өз жанын сактайт, ал эми өз жолуна кайдыгер адам өлөт.

17 Жакырга жакшылык кылган адам Теңирге насыя берет, кылган жакшылыгын Теңир кайтарымсыз калтырбайт.

18 Үмүтүң барда уулуңду жазала, анын ыйына көңүл бөлбөй эле кой.

19 Ачуулуу адам жазасын алсын, аяп койсоң, андан көбүрөөк жазалоого туура келет.

20 Акылдуу болом десең, кеңешти ук, айыбыңды ачса, кабыл ал.

21 Адам жүрөгүндө көп нерсени ниет кылат, бирок Теңирдин белгилеп койгону гана ишке ашат.

22 Кайрымдуулугу адамга кубаныч алып келет. Калпычы адамга караганда жарды адам артык.

23 Теңирден коркуу өмүргө алып барат, Теңирден корккон адам дайыма ыраазы болот, анын башына жамандык келбейт.

24 Эринчээк адам колун чөйчөккө салат да, аны оозуна жеткиргиси келбейт.

25 Шылдыңчыл адамды жазаласаң, жөнөкөй адам да эстүү болуп калат. Акылдуу адамдын айыбын ачсаң, ал акыл-насаатты түшүнөт.

26 Абийири жок, уятсыз уул атасынын мүлкүн чачып, энесин үйдөн кууп чыгат.

27 Уулум, насаат сөздөн четтөөнү үгүттөгөндөрдү укканыңды токтот!

28 Жалган күбө акыйкаттыкты шылдың кылат, мыйзамсыз адамдардын оозу жалганды жутат.

29 Шылдыңчыл адамдарга жаза, акылсыз адамдарга токмок даяр.

**20-БӨЛҮМ**

1 Шарап адамды шылдың кылат, күчтүү ичкилик адамды оолуктурат, буларга берилгендердин баары акылсыз.

2 Падышанын каары арстандын айкырыгындай, аны каарданткан адам өзүнө каршы күнөө кылат.

3 Чыр-чатактан качуу – адам үчүн абийир, ал эми акылсыз адам жаңжалчыл болот.

4 Жалкоо адам кышында жер айдабайт, оруу-жыюу маалында издеп, эч нерсе таппайт.

5 Адамдын жүрөгүндөгү ойлор – терең суулар, бирок акылдуу адам алардан сузуп ала берет.

6 Көптөр адамды ырайымдуулугу үчүн макташат, бирок чынчыл адамды ким табат?

7 Адил адам түз жүрөт, анын артында калган балдары бактылуу!

8 Сот тагында отурган падыша көз карашы менен бардык жамандыкты кубалайт.

9 «Мен жүрөгүмдү тазаладым, мен күнөөмдөн тазамын», – деп, ким айта алат?

10 Бирдей эмес тараза, бирдей эмес чен-өлчөм Теңирдин алдында жийиркеничтүү.

11 Өспүрүмдүн жүрүм-турумунун туура же туура эмес экенин кылган ишинен билип алууга болот.

12 Уккан кулакты, көргөн көздү Теңир жараткан.

13 Жакыр болбошуң үчүн, уктаганды жакшы көрбө. Көзүңдү ачып сергек бол, ошондо нанды тойгуча жейсиң.

14 Сатып алуучу: «Жаман, жаман», – дейт, бирок мындай басканда: «Жакшы, жакшы», – деп мактанат.

15 Алтын да, көп бермет да бар, бирок акылдуу сүйлөгөн ооз алардан кымбат.

16 Бирөөгө кепил болгон адамдын көйнөгүн алып кал, чоочун бирөө үчүн кепил болгон адамдан күрөө ал.

17 Алдамчылык менен табылган нан таттуу, бирок жегенден кийин, ооз шагылга толот.

18 Ой-максат кеңеш аркылуу бекемделет, кеңешип алып согуш жүргүз.

19 Сөз ташыган адам бирөөнүн сырын ачат. Оозун чоң ачкан адам менен байланышпа.

20 Атасы менен энесине тил тийгизген адамдын чырагы коюу караңгылыкта өчөт.

21 Шашылыш тартылып алынган мурас бата алып келбейт.

22 «Жамандык үчүн өч алам», – дебе, Теңирге кой, ошондо Ал сени сактайт.

23 Туура эмес тараза таштары Теңирдин алдында жийиркеничтүү, туура эмес таразалар жакшы эмес.

24 Адамдын кадамын Теңир багыттайт, ошондуктан адам өз жолун кантип биле алат?

25 Шашып убада берип коюп, андан кийин ойлонуу – адамга тузак.

26 Акылдуу падыша мыйзамсыздарды сапырат, аларды дөңгөлөк астында калтырат.

27 Адамдын руху – Теңирдин чырагы, ал адамдын жүрөгүнүн тереңин сынайт.

28 Падышаны кайрымдуулук менен акыйкаттык сактап турат, ал өз тагын ырайымы менен кармап турат.

29 Жаштардын атак-даңкы – алардын күчү, ал эми карылардын сөөлөтү – алардын ак чачы.

30 Таяктан алган жараат – кыянаттыкка каршы даба, ичти аралап өткөн соккулар – жамандыкка каршы даба.

**21-БӨЛҮМ**

1 Падышанын жүрөгү Теңирдин колунда: Ал аны агын суудай, каалаган жагына бурат.

2 Адамдын бардык жолу өзүнө түз көрүнөт, бирок жүрөктү Теңир салмактайт.

3 Курмандык чалганга караганда, акыйкаттык менен чындыкты сактоо Теңирге көбүрөөк жагат.

4 Мыйзамсыздарды айырмалап турган текебер көз менен менменсинген жүрөк – күнөө.

5 Аракетчил кишинин ойлору молчулукка умтулат, ал эми ар бир шашма адам зыян тартат.

6 Жалган тил менен тапкан байлык – бат тараган буу, андай байлыкка умтулгандар өздөрүнө өлүм издешет.

7 Мыйзамсыздардын зордук-зомбулугу өздөрүнүн башына түшөт, анткени алар акыйкаттыкты сактоодон баш тартышты.

8 Бузулган адам терс жолдо жүрөт, ал эми таза адам туура иш кылат.

9 Ажаан аял менен заңгыраган үйдө жашаганча, үйдүн чатырынын бир бурчунда жашаган артык.

10 Мыйзамсыздын жаны кыянаттыкты жакшы көрөт, ал өз досуна да ырайым кылбайт.

11 Шылдыңчыл адам жазаланганда, жөнөкөй адам акылдуу болуп калат; акылдуу адам насаат укканда, билими дагы көбөйөт.

12 Адил адам мыйзамсыздын үйүн карап, анын жамандыкка кабылганын көрөт.

13 Жакырдын ыйын укпай, кулагын жаап алган адам өзү да ыйлайт, бирок аны эч ким укпайт.

14 Жашыруун берилген белек ачууну басат, жең ичинен берилген тартуу катуу каарды кайт кылат.

15 Акыйкаттыкты сактоо – адил адам үчүн кубаныч, кыянаттык кылгандар үчүн коркунуч.

16 Түз жолдон чыккан адам өлгөндөргө кошулат.

17 Оюн-күлкүнү жакшы көргөн адам жакырданат, ал эми шарап менен майды жакшы көргөн адам эч качан байыбайт.

18 Адил адамдын кунуна мыйзамсыз адам кетет, арамдыгы жок адамдын кунуна амалкөй адам кетет.

19 Ажаан, ачуулуу аял менен жашаганча, ээн талаада жашаган жакшы.

20 Акылдуунун үйүндө суктандырган байлык жана май болот, ал эми акылсыз аларды чачат.

21 Акыйкаттык менен кайрымдуулукту сактаган адам өмүрдү, чындыкты, атак-даңкты табат.

22 Акылдуу адам күчтүүлөрдүн шаарына кирет да, алардын таянган чебин кулатат.

23 Оозун жана тилин тыйган адам өз жанын жамандыктан сактайт.

24 Текебер бузукунун аты – шылдыңчыл, ал текеберликтин күүсү менен иш кылат.

25 Жалкоону өзүнүн ачкөздүгү өлтүрөт, анткени анын колдору иштегиси келбейт.

26 Ал күн сайын аябай ачка болуп турат, адил адам болсо бере берет, бергенине өкүнбөйт.

27 Мыйзамсыздардын курмандыгы жийиркеничтүү, айрыкча алардын эки жүздүүлүк менен алып келгени жийиркеничтүү.

28 Жалган күбө өлөт, ал эми билгенин айткан адам ар дайым сүйлөйт.

29 Мыйзамсыз адамдын бети калың, ал эми адил адам түз жүрөт.

30 Теңирге каршы даанышмандык да, акылмандуулук да, акыл-кеңеш да жок.

31 Атты согуш күнүнө карата даярдайт, бирок жеңиш Теңирден келет.

**22-БӨЛҮМ**

1 Көп байлыкка караганда жакшы аттуу болгон артык; алтын менен күмүшкө караганда урматка ээ болуу артык.

2 Бай менен кедей кезигишпей койбойт, экөөнү тең Теңир жараткан.

3 Акылдуу адам кырсыкты көрүп жашынат, ал эми тажрыйбасыздар түз барып кырсыкка учурашат.

4 Моюн сунуудан кийин, Теңирден коркуу, байлык, атак-даңк жана өмүр келет.

5 Тикенек менен тузак бузукунун жолунда, ким жанын сактагысы келсе, алардан оолак болсун.

6 Баланы башынан түз жолго сал, ошондо ал ошол жолдон карыганда да чыкпайт.

7 Бай адам кедейге үстөмдүк кылат, карыз болгон адам карыз бергендин кулу болуп калат.

8 Жалганды сепкен адам жамандыкты оруп алат, анын каар таягы да жок болот.

9 Кайрымдуу адам бата алат, анткени ал жакырга өз нанынан берип жатат.

10 Шылдыңчылды кууп жибер, ошондо талаш-тартыш токтойт, чыр-чатак да, уруш да басылат.

11 Жүрөктүн тазалыгын сүйгөн адамдын оозунан чыккан сөздөр жагымдуу, ага падыша – жолдош.

12 Теңирдин көзү билимди сактап турат, ал эми мыйзамды бузган адамдын сөзүн Ал четке кагат.

13 Жалкоо адам: «Көчөдө арстан жүрөт! Аянтта мени өлтүрүп коюшат!» – деп айтат.

14 Бузулган аялдардын оозу – терең аң. Теңир кимге каарданса, ал ошол аңга түшөт.

15 Өспүрүмдүн жүрөгүнө акылсыздык жабышса, тарбиялоочу чыбык андагы акылсыздыкты жок кылат.

16 Өзүнүн байлыгын көбөйтүш үчүн, жакырды кордогон адам, ошондой эле байга бир нерсе берген адам жакырданат.

**Отуз накыл сөз**

17 Кулагыңды төшөп, акылдуу адамдардын сөздөрүн ук, жүрөгүңдү менин билимиме бур.

18 Эгерде сен аларды жүрөгүңө сактасаң, алар оозуңда болсо, анда алар сени сооротот.

19 Теңирге таянышың үчүн, мен сени бүгүн да үйрөтүп жатам, муну эсиңе тут.

20 Кеңештерим менен акыл-насааттарымда сага үч мертебе жазган жок белем?

21 Сага чындыктын так сөздөрүн үйрөтүү үчүн, сени жиберген адамдарга чындыктын сөздөрүн айтып турушуң үчүн жазгам.

22 Жакырды тонобо, анткени ал жакыр. Бактысыз адамга дарбаза алдында кысым көрсөтпө.

23 Анткени алардын ишине Теңир кийлигишет, аларды талап-тоногондордун жанын алат.

24 Ачуулуу адам менен достошпо, ачуусу чукул адам менен байланышпа,

25 болбосо анын жолун үйрөнүп аласың жана өз жаныңа сыйыртмак саласың.

26 Ортого түшүп, карыздын милдетин алба.

27 Эгерде төлөй турган эч нерсең жок болсо, өзүңдү астыңдагы төшөгүңдү алдырганга чейин жеткирүүнүн кандай кажети бар?

28 Ата-бабаларың өткөргөн мурунку чек араны жылдырба.

29 Өз ишин жакшы билген адамды көрдүң беле? Ал жөнөкөй адамдардын алдында эмес, падышалардын алдында турат.

**23-БӨЛҮМ**

1 Өкүмдар менен бир дасторконго отуруп калсаң, ким менен отурганыңды унутпа.

2 Эгерде тамаксоо болсоң, кекиртегиңди тый.

3 Анын таттуу тамактарына азгырылба, анткени ал – алдамчы тамак.

4 Байлык жыйнаш үчүн түйшүк тартпа, мындай ойлоруңду ташта.

5 Сен ага көзүңдү бурарың менен, ал жок болуп кетет, анткени ал өзүнө канат жасап алып, бүркүт сыяктуу асманга учуп кетет.

6 Сараң кишинин колунан тамак жебе, анын таттуу тамактарына азгырылба.

7 Анткени анын жүрөгүндөгү ойлору кандай болсо, өзү да ошондой, ал сага: «Ич, же», – дей берет, бирок жүрөгү сени менен эмес.

8 Жеген бир кесимиңди кайра кусасың, жакшы сөздөрүңдү текке кетиресиң.

9 Акылсыздын кулагына сүйлөбө, анткени ал сенин акылдуу сөздөрүңдү жек көрөт.

10 Мурунку чек араны жылдырба, жетимдин талаасына кирбе.

11 Анткени алардын Коргоочусу күчтүү, Ал сага каршы чыгып, аларга болушат.

12 Жүрөгүңдү билимге кой, кулагыңды акылдуу сөздөргө төшө.

13 Баланы жазасыз калтырба, чыбык менен жазалагандан ал өлбөйт.

14 Чыбык менен жазалап, жанын өлгөндөр жаткан жайдан сактап каласың.

15 Уулум! Эгерде сенин жүрөгүң акылдуу болсо, анда менин жүрөгүм да кубанат.

16 Сенин оозуңдан туура сөздөр чыкканда, ички дүйнөм кубанат.

17 Жүрөгүң күнөөкөрлөргө көз артпасын, тескерисинче, жүрөгүң бардык күндөрдө Теңирден коркуп турсун.

18 Анткени келечегиң бар, үмүтүң ишке ашат.

19 Уулум, кулак сал, акылдуу бол, жүрөгүңдү түз жолго бур.

20 Шарап ичип мас болгондордун, этке ашыра тоюп алгандардын арасында болбо.

21 Анткени ичкичтер менен ашыра тоюп алгандар жакырданып кетишет, уйкучулук жыртык кийим кийгизет.

22 Атаңдын тилин ал, анткени ал сенин атаң, энеңди карып калганында да жек көрбө.

23 Чындыкты сатып ал, акылмандыкты, билимди, акыл-эсти сатпа.

24 Адил адамдын атасы сүйүнөт, акылманды төрөгөн кубанат.

25 Атаң кубансын, төрөгөн энең сүйүнсүн.

26 Уулум! Жүрөгүңдү мага бер, көзүң менин жолдорумду карап турсун.

27 Анткени бузулган аял – терең аң, ошондой эле бирөөнүн аялы – тар кудук.

28 Бузулган аял каракчыдай болуп буктурмада отуруп алып, эл арасында мыйзамды бузгандарды көбөйтөт.

29 Улуган ким? Онтогон ким? Чатакташкан ким? Кайгырган ким? Себепсиз жараат алган ким? Көзү канталап кызарган ким?

30 Алар – керээли-кечке шарап ичип отургандар, алар – күчтүү ичимдикти жакшы көргөндөр.

31 Шараптын кызарганына, чөйчөктө көбүргөнүнө, мелтирегенине караба.

32 Акырында ал сени жыландай, уулуу жыландай чагат.

33 Башка бирөөнүн аялын карайсың, жүрөгүң бузуктукту сүйлөй баштайт.

34 Ошондо деңиздин ортосунда, кеменин үстүндө уктап жаткан адамдай болосуң.

35 Ошондо сен: «Мени сабашты, бирок эч жерим ооруган жок, мени түрткүлөштү, бирок эч нерсе сезген жокмун. Ойгонгондон кийин кайра ошону эле издейм», – деп айтасың.

**24-БӨЛҮМ**

1 Жаман адамдарга көз артпа, алар менен чогуу болууну каалаба.

2 Анткени алардын жүрөгү зордук-зомбулук жөнүндө ойлойт, тили жамандык жөнүндө сүйлөйт.

3 Үй акылмандык менен курулат, акыл менен бекемделет.

4 Үй ичи ар кандай кымбат баалуу, сонун мүлккө билгичтик менен толтурулат.

5 Акылдуу адам күчтүү, даанышман адам өзүнүн күч-кубатын чыңдайт.

6 Ошондуктан согушту ойлонуп жүргүз. Көп кеңеш ийгиликке жеткирет.

7 Акылмандык акылсыз адам үчүн өтө бийик, дарбаза алдында ал ооз ачпайт.

8 Жамандык кылууну ойлогон адамды кара ниет дешет.

9 Акылсыз адамдын оюу – күнөө, шылдыңчыл адам адамдар үчүн жийиркеничтүү.

10 Эгерде сен башыңа мүшкүл түшкөн күнү алсыз экениңди сезсең, анда күчүң аз.

11 Өлүмгө кыйылгандарды куткар. Өлүмгө өкүм кылынгандарды куткаруудан кантип баш тартасың?

12 Сен: «Мына, биз муну билген эмес элек», – дегени турасыңбы? Эмне, жүрөктөрдү Сыноочу билбейт бекен? Сенин жүрөгүңдү Байкап Туруучу муну билет, Ал адамга кылган ишине жараша тиешесин берет.

13 Уулум, бал же, анткени ал жагымдуу, даамы таңдайыңан кетпеген балды да же.

14 Акылмандыкты таанып билүү да сенин жаныңа дал ошондой жагымдуу. Эгерде аны тапкан болсоң, анда келечегиң бар, үмүтүң ишке ашат.

15 Мыйзамсыз, адил адамдын үйүнө жамандык ойлобо, анын жаткан жайын талап-тонобо.

16 Анткени адил адам жети жолу жыгылат, бирок кайра турат, ал эми мыйзамсыздар жыгылып, өлүмгө дуушар болушат.

17 Душманың кулаганда сүйүнбө, ал мүдүрүлгөндө жүрөгүң кубанбасын.

18 Анткени муну Теңир көрөт, бул Ага жакпайт, Ал Өзүнүн ага болгон каарын токтотуп коёт.

19 Жамандык кылгандарга ачууланба, мыйзамсыздарга көз артпа.

20 Анткени жамандык кылгандардын келечеги жок, мыйзамсыздардын чырагы өчөт.

21 Уулум, Теңирден жана падышадан корк, козголоңчулар менен байланышпа.

22 Анткени Теңир менен падышадан өлүм күтүлбөгөн жерден келет, экөөнөн келе турган кыйроону ким алдын ала айта алат?

**Акылмандардын насааттары**

23 Акылмандар да: «Сотто бет карамалык кылуу жакшы эмес», – деп айтышкан эмеспи.

24 Күнөөкөргө: «Сеники туура», – деген адамды эл каргайт, аны уруулар жек көрөт.

25 Ал эми айыпты ашкерелегендерди эл жакшы көрөт, алар бата алышат.

26 Туура жооп ооздон өпкөндөй.

27 Адегенде үйүңдөн сырткаркы иштерди жаса, талаадагы иштериңди бүтүр, анан үйүңдү кур.

28 Жакыныңа жалган күбө болбо. Жалган сүйлөп эмне кыласың?

29 «Ал мага кандай кылса, мен да ага ошондой кылам, ага кылганына жараша тиешесин берем», – дебе.

30 Мен жалкоо кишинин талаасынын жанынан, кем акыл кишинин жүзүмзарынын жанынан өттүм.

31 Баарын тикенек басып кетиптир, аны чалкан каптап калыптыр, таш дубалы урап калыптыр.

32 Муну көрүп, жүрөгүмдү өзгөрттүм, муну көрүп, өзүмө сабак алдым:

33 «Бир аз уктай турсаң, бир аз үргүлөп жата турсаң, бир аз колуңду бооруңа алып жата турсаң,

34 жакырлык сага жолоочудай кирип келет, муктаждык сага куралдуу кишидей кирип келет».

**25-БӨЛҮМ**

**Уландысы. Акылмандыктын сыйлыгы – урмат**

1 Булар да Жүйүт падышасы Хискиянын кишилери жыйнаган Сулаймандын накыл сөздөрү.

2 Кудайдын даңкы – ишти жашыруун кармоо, ал эми падышалардын даңкы – ишти изилдөө.

3 Асмандын бийиктиги, жердин тереңдиги жана падышалардын жүрөгү изилденгис.

4 Күмүштөн кошундуну ажырат, ошондо зергердин колунан идиш чыгат.

5 Падышадан адилетсиз адамды алыс кыл, ошондо анын тагы чындык менен бекемделет.

6 Падышалардын алдында өзүңдү жогору көтөрбө, улуу адамдардын ордуна турба.

7 Анткени сени көзүң көргөн атактуу адамдардын алдында кемсинтишкенден көрө, сага: «Кел бул жерге, жогору өт», – деп айтышканы жакшы.

8 Талашып-тартышканга шашпа, атаандашың маскара кылса эмне болот?

9 Атаандашың менен талашып-тартыш, бирок уккан адам сени жемелебеши үчүн,

10 бирөөнүн жашыруун сырларын ачпа, болбосо өмүр бою маскара болуп өтөсүң.

11 Орундуу сөз – жаркыраган күмүш идиштеги алтын алма.

12 Акылдуу ашкерелөөчү – көңүл коюп уккан кулак үчүн алтын сөйкө жана таза алтындан жасалган жасалга.

13 Оруу-жыюу маалында кар кошулган ичимдик кандай болсо, ишенимдүү элчи аны жиберген адам үчүн ошондой. Ал мырзасынын жүрөгүн кубантат.

14 Жалган белек менен мактанган адам жамгыры жок булут менен шамалдай.

15 Момундук төрөнү ырайым кылууга түртөт, жумшак тил сөөктү сындырат.

16 Сен бал таап алдыңбы? Канча керек болсо, ошончо же, ашыра тоюп алсаң, кусасың.

17 Досуңдун үйүнө кайра-кайра эле бара бербе, болбосо ал сенден жадап, сени жек көрүп калат.

18 Жакынына каршы жалган күбөгө өтүп, жалаа жапкан киши балкадай, кылычтай, курч жебедей.

19 Башка мүшкүл түшкөн күнү ишенимсиз адамга таянуу сынган тишке, алсыз бутка таянууга барабар.

20 Кайгылуу жүрөккө ырдоо суук күнү бирөөнүн чапанын чечип алганга, жарасына уксус куйганга барабар.

21 Душманың ачка болсо, нанга тойгуз, суусап турса, суусунун кандыр.

22 Анткени ушундай кылуу менен сен анын башына чок үйөсүң. Ошондо Теңир сага тиешеңди берет.

23 Түндүктөн соккон шамал жамгыр жаадырат, ал эми ушакчынын сөзү нааразы жүздөрдү туудурат.

24 Ажаан аял менен заңгыраган үйдө жашаганча, үйдүн чатырынын бир бурчунда жашаган жакшы.

25 Алыскы өлкөдөн келген жакшы кабар суусап алсыраган жанга муздак суу ичиргенге барабар.

26 Мыйзамсыздын алдында адил адамдын жыгылышы – булактын ылайланганындай, кудуктун бузулганындай.

27 Балды көп жеген жакшы эмес, ошол сыяктуу эле сая кууп жеткен атак-даңк – атак-даңк эмес.

28 Өз рухун башкара албаган адам талкаланган, чепсиз шаарга окшош.

**26-БӨЛҮМ**

**Уландысы. Жалкоолор менен калпычылар урмат-сыйга татыктуу эмес**

1 Акылсыз адамга көрсөтүлгөн урмат жайында жааган кардай, оруу-жыюу маалында жааган жамгырдай орунсуз.

2 Жөн жерден айтылган каргыш таранчынын бырп этип, чабалекейдин шуу этип учуп кеткениндей, ал орундалбайт.

3 Камчы ат үчүн, жүгөн эшек үчүн, ал эми таяк акылсыздар үчүн.

4 Акылсыз адамга акылсыздыгына жараша жооп бербе, болбосо өзүң да ага окшоп акылсыз болуп каласың.

5 Акылсыз өзүн акылдуу эсептеп калбашы үчүн, ага акылсыздыгына жараша жооп бер.

6 Акылсызды чабарман кылуу өз бутун өзү кескенге барабар, анткен адам балээни башына үйөт.

7 Акылсыздардын накыл айтканы аксактын басыгындай.

8 Асыл ташты салмоорго салып ыргытуу акылсызга урмат көрсөтүүгө барабар.

9 Акылсыздын оозунан чыккан накыл сөз мастын колундагы тикенектей.

10 Күчтүү адам бардык нерсени өз каалоосу боюнча кылат: ал акылсызды да сыйлайт, өтүп бара жаткан кишини да сыйлайт.

11 Дөбөт өзүнүн кусундусуна кайра келгендей, акылсыз да акылсыздыгын кайра кайталай берет.

12 Өзүн акылман эсептеген адамды көрдүң беле? Ага караганда акылсыз адамга көбүрөөк үмүттөнсө болот.

13 Жалкоо адам: «Жолдо арстан турат! Аянтта арстан турат!» – дейт.

14 Эшик өзүнүн ашык-машыгында айланат, ал эми жалкоо өзүнүн төшөгүндө оонайт.

15 Эринчээк адам колун чөйчөккө сунат, бирок аны оозуна жеткирүү – ал үчүн кыйын иш.

16 Жалкоо өзүн ойлонуп жооп берген жети кишиден акылдуу эсептейт.

17 Өтүп бара жатып биреөнүн чыр-чатагына кийлигишүү дөбөттү кулактан алганга барабар.

18 Акылынан ажырамыш болуп, оттуу өлүм жебелерин ыргытуу

19 досуна эки жүздүүлүк менен зыян келтирип туруп: «Мен тамашалап эле койдум», – дегенге барабар.

20 Отун жок жерде от өчөт, ушакчы жок жерде чатак басылат.

21 Жыгачтын көмүрү ысытат, отун отту тутантат, ал эми урушчаак адам чыр-чатак чыгарат.

22 Ушакчынын сөздөрү таттуу нерсе сыяктуу, алар адамдын карынына кирип кетет.

23 Таза эмес жүрөктөн чыккан жагымдуу сөздөр таза эмес күмүш менен капталган чопо идиштей.

24 Душман тили менен анткорлонуп сүйлөйт, бирок жүрөгүндө жамандык ойлоп турат.

25 Ал назик үн менен сүйлөсө да, ага ишенбе, анткени анын жүрөгүндө жети кыянатчылык бар.

26 Эгерде жек көргөнүн билгизбей алдап жүрсө, анда анын ачуусу эл чогулган жерде билинет.

27 Биреөгө ор казган адам орго өзү түшөт, тоголоткон ташы тоголоткон адамдын өзүнө келип тиет.

28 Жалганчы тил өзү ыза кылган адамдарды жек көрөт, кошоматчы ооз биреөгө жыгылуу даярдайт.

**27-БӨЛҮМ**

**Уландысы. Өзүн өзү мактоодон алыс болуу**

1 Эртеңки күн менен мактанба, анткени эртеңки күнү эмне болорун билбейсиң.

2 Сени өз оозуң эмес, башка биреөнүн оозу мактасын. Сени өз тилиң эмес, бөлөк биреөнүн тили мактасын.

3 Таш оор, кум да салмактуу, бирок акылсыздын ачуусу экөөнөн тең оор.

4 Каар катаал, жаал тыйылгыс, бирок кызганчаактыкка ким туруштук бере алат?

5 Жашыруун сүйүүгө караганда ачык айтылган ашкере жакшы.

6 Сүйгөн адамдын жемеси чын жүрөктөн чыгат, жек көргөн адамдын өбүүсү жалган.

7 Курсагы ток адам балды да тебелейт, ачка кишиге ачуунун баары таттуу.

8 Өз жерин таштап кеткен адам уясын таштап кеткен канаттуудай.

9 Жыпар жыттуу майлоочу май жана түтөтүлүүчү зат жүрөктү кубантат, адамга досунун чын жүрөктөн берген кеңеши да ошондой жагымдуу.

10 Өз досуңду да, атаңдын досун да таштаба. Башыңа мүшкүл түшкөн күнү бир тууганыңдын үйүнө барба, алыстагы бир тууганыңдан жаныңдагы кошунаң артык.

11 Уулум, акылдуу бол, менин жүрөгүмдү кубант. Ошондо мага жаман сүйлөгөн адамга жооп бере алам.

12 Акылдуу адам кырсыкты көрүп жашынат, ал эми тажрыйбасыздар түз барып кырсыкка учурашат.

13 Бирөөгө кепил болгон адамдын көйнөгүн алып кал, чоочун бирөө үчүн кепил болгон адамдан күрөө ал.

14 Досун таң заардан катуу мактай баштаган адамды жамандап жаткан адам катары эсептешет.

15 Ажаан аял жамгыр жааган күнү тынымсыз тамчылаган тамчыдай,

16 аны жашыргысы келген адам шамалды жашыргысы келген адамдай жана өзү жөнүндө билдирип турган майды оң колуна жашыргысы келген адамдай.

17 Темирди темир курчутат, адамды адам курчутат.

18 Анжырды кайтарган адам анын мөмөсүн жейт. Мырзасын сактаган адам урматка ээ болот.

19 Адамдын жүзүнүн кандай экенин суу көрсөтөт, адамдын өзү кандай экенин жүрөгү көрсөтөт.

20 Өлгөндөр жаткан жай менен Абадон – тойбогон жай. Адамдын көзү да ошолор сыяктуу эле тойбойт.

21 Күмүш үчүн эритүүчү меш, алтын үчүн көөрүктүн очогу кандай болсо, адам үчүн аны мактаган ооз ошондой.

22 Акылсызды сокуга салып, сокбилек менен жанчсаң да, андан акылсыздык ажырабайт.

23 Бодо малыңды жакшы кара, майда малыңды бак.

24 Анткени байлык түбөлүк эмес, ал тургай, бийлик да муундан муунга өтпөйт.

25 Чөп чабылат, кайра чөп чыгат, анан тоонун чөбү чабылат.

26 Койлоруң кийим, эчкилериң жер сатып алууга кетет.

27 Эчкинин сүтү өзүңдүн да, үйүңдөгүлөрдүн да, үйүңдөгү күңдөрүңдүн да тамак-ашына жетет.

**28-БӨЛҮМ**

**Уландысы. Такыбаа адамга – урмат, мыйзамсызга – каргыш**

1 Мыйзамсыз адам артынан эч ким кубалабаса деле качып жүрөт, ал эми адил адам арстандай айбаттуу.

2 Мамлекет мыйзамдан четтегенде, аны башкаргандар көбөйөт. Ал эми акылман жана билерман адам башкарганда, ал көпкө жашайт.

3 Алсыздарды эзген жакыр адам эгинди жууп кеткен нөшөрдөй.

4 Мыйзамдан четтегендер адилетсиздерди макташат, ал эми мыйзамды сактагандар аларга каршы чыгышат.

5 Кара өзгөй кишилер адилеттикти түшүнүшпөйт, ал эми Теңирди издегендер бардыгын түшүнүшөт.

6 Бай болуп терс жолдо жүргөнгө караганда, кедей болуп күнөөсүз жашаган жакшы.

7 Мыйзамды сактаган уул – акылдуу уул, ал эми ысырапчылар менен достошкон уул атасын уятка калтырат.

8 Сүткордук кылып ашыгы менен алып байыган адам байлыгын жакырларга кайрымдуулук кылган адам үчүн жыйнап жатат.

9 Мыйзамды уккусу келбей кулагын жапкан адамдын сыйынуусу да жийиркеничтүү.

10 Адил адамдарды жаман жолго азгырган адам өз оруна өзү түшөт, ал эми кемчиликсиз адамдар жакшылыкты мурасташат.

11 Бай адам өзүн акылдуу эсептейт, бирок акылдуу кедей аны ашкерелейт.

12 Адил адамдар салтанат курушканда, чоң кубаныч болот, ал эми мыйзамсыздар бийликке келгенде, адамдар жашына башташат.

13 Өз кылмыштарын жашырган адам ийгиликке жетпейт, ал эми өз кылмыштарын мойнуна алып, аларды таштаган адамга ырайым кылынат.

14 Кудайдын алдында ар дайым коркуп жашаган адам бактылуу, ал эми жүрөгүн өжөрлөнткөн адам кырсыкка кабылат.

15 Жакыр элге үстөмдүк кылган мыйзамсыз өкүмдар айкырган арстандай, ачка аюудай.

16 Акылы жок өкмөт башчысы көп кысымчылык көрсөтөт, ал эми ачкөздүктү жек көргөн өкүмдардын өмүрү узун болот.

17 Адамдын канын төгүп айыптуу болгон адам бирөө кармап албасын деп, көргө киргенге чейин качып жүрүп өтөт.

18 Түз жүргөн адам зыян тартпайт, ал эми туура эмес жолдор менен жүргөн адам ошол жолдордун биринде чалынып жыгылат.

19 Жерин иштеткен адам нанга тоёт, бекерпоздорду тууراган адам жокчулукка тоёт.

20 Ишенимдүү адам батага бай, ал эми байыганга ашыккан адам жазаланбай калбайт.

21 Бет карама болуу жакшы эмес, андай адам бир сындырым нан үчүн да адилетсиздикке барат.

22 Ичи тар киши байлыкка ашыгат, башына жакырчылык келерин ойлобойт.

23 Тили менен жасакерленген адамга караганда бетке айткан адам акыры чоң ылым табат.

24 Өз атасы менен өз энесин тоноп, «Бул күнөө эмес» деген адам – каракчылардын шериги.

25 Менменсинген адам чыр-чатак чыгарат, ал эми Теңирден үмүттөнгөн адам жыргал турмуш өткөрөт.

26 Өзүнө таянган адам акылсыз, акылмандык менен жүргөн адам аман-эсен болот.

27 Жакырга берген адам жакырланып калбайт, ал эми аларга көзүн жумуп койгон адам көп каргышка калат.

28 Мыйзамсыздар бийликке келишкенде, адамдар жашына башташат; алар кулашканда, адил адамдар көбөйө башташат.

**29-БӨЛҮМ**

**Уландысы. Акылмандык жакшылык алып келет. Күнөө менен мыйзамсыздык өлүмгө алып барат**

1 Айыбы ашкереленген адам моюн сунбай өжөрлөнүп койсо, күтүлбөгөн жерден кыйрайт, дартына даба табылбайт.

2 Адил адамдар көбөйө баштаганда, эл шаттыкка бөлөнөт, ал эми мыйзамсыз адам үстөмдүк кылганда, эл онтойт.

3 Акылмандыкты сүйгөн адам атасын кубантат, ал эми бузулган аялдар менен жүргөн адам мал-мүлктү чачат.

4 Падыша акыйкаттык менен жерди бекемдейт, ал эми алык-салыкты көбөйткөн падыша аны жакырчылыкка алып келет.

5 Досуна кошомат кылган адам анын бутуна тузак тартат.

6 Жаман адамдын күнөөсү өзүнө жайылган тор болот, ал эми адил адам кубанып, шаттанып жүрөт.

7 Адил адам жакырлардын ишин кылдаттык менен териштирет, ал эми мыйзамсыз адам ишти териштирбейт.

8 Бузулган адамдар шаарды дүрбөлөңгө салышат, ал эми акылдуу адамдар дүрбөлөңдү басышат.

9 Акылдуу адам акылсыз адам менен соттошкондо, ачууланса да, күлсө да тынчтыгын жоготот.

10 Канкор адамдар ак ниет адамды жек көрүшөт, ал эми адил адамдар анын өмүрү үчүн кам көрүшөт.

11 Акылсыз адам бүт каарын чачат, ал эми акылдуу адам ачуусун басат.

12 Эгерде башкаруучу жалган сөз угуп жатса, анда анын кызматчыларынын баары – мыйзамсыз адамдар.

13 Жакыр менен паракор кезигишпей койбойт, экөөнө тең жарыкты Теңир берет.

14 Эгерде падыша кембагалдарды акыйкат соттосо, анда анын тагы түбөлүккө бекемделет.

15 Чыбык жана ашкерелөө акылмандык берет, бирок өз эркине коюлган уул энесин уятка калтырат.

16 Мыйзамсыз адамдар көбөйгөндө, мыйзамсыздык көбөйөт, бирок адил адамдар алардын кыйраганын көрүшөт.

17 Уулуңду жазала, ошондо ал жаныңа тынчтык берип, кубаныч тартуулайт.

18 Кудайдан аян болмоюнча, эл ооздукталбайт, ал эми Кудайдын мыйзамын сактаган адам бактылуу.

19 Кулду сөз менен үйрөтө албайсың, анткени ал сөздү түшүнсө да, тил албайт.

20 Алды-артын ойлобой сүйлөгөн адамды көрдүң беле? Ага үмүттөнгөнгө караганда, акылсызга көбүрөөк үмүттөнсө болот.

21 Эгерде кулду бала чагынан эркелетип тарбияласаң, акыры ал сага бала болгусу келет.

22 Каардуу адам чыр-чатак чыгарат, ачуусу чукул адам көп күнөө кылат.

23 Адамды өзүнүн текебердиги кемсинтет, ал эми момун адам урматка ээ болот.

24 Ууру менен үлүштөш болгон адам өз жанын жек көрөт, ал каргыштарды укса да, бул жөнүндө эч кимге айтпайт.

25 Адамдардан коркуу тузак коёт, ал эми Теңирден үмүттөнгөн адам коопсуз болот.

26 Адамдардын көбү башкаруучунун алдында ырайым тапкысы келет, бирок адамдын тагдыры Теңирдин колунда.

27 Мыйзамсыз адам адил адамдар үчүн жийиркеничтүү, түз жол менен жүргөн адам мыйзамсыз адам үчүн жийиркеничтүү.

**30-БӨЛҮМ**

**Агурдун накыл сөздөрү**

1 Жакеп уулу Агурдун сөздөрү. Ал кишинин Итиелге жана Ухалга айткан, адамды шыктандырган накыл сөздөрү мындай:

2 «Чындыгында, эл ичинде мен эң акылсыз адаммын, менде адамдык акыл жок.

3 Мен акылмандыкты да үйрөнө алган жокмун, менде ыйык адамдарда болгон Кудайды таанып билүү да жок.

4 Асманга көтөрүлүп, кайра түшкөн барбы? Шамалды чогултуп, кош уучуна салып алган барбы? Сууну кийимине түйүп алган барбы? Жердин бүт чектерин ким койду? Анын аты ким? Анын баласынын аты ким? Билесиңби?

5 Кудайдын ар бир сөзү таза, Ал – Өзүнө таянгандарга калкан.

6 Ал сени ашкерелебеши үчүн, алдамчы болуп калбашың үчүн, Анын сөздөрүнө эч нерсе кошпо.

7 Мен Сенден эки нерсе сурайын, орундатпай койбо:

8 бул жашоомдо менден курулай убаракерчиликти жана алдамчылыкты алыс кыл, мени бай да, жакыр да кылба, мени күндөлүк турмушта эң зарыл болгон нан менен камсыз кыл.

9 Ашыра тоюп алып, Өзүңдөн баш тартпайын, “Теңир ким?” деп айтпайын же жакырданып кетип, уурулук кылбайын, Кудайымдын атын курулай атабайын.

10 Каргышына калбашың үчүн, күнөөлүү болуп калбашың үчүн, кулду мырзасынын алдында жамандаба.

11 Атасына наалат айткан, энесине ыраазы болбогон адамдар бар.

12 Өзүнүн ыпыластыгынан жуулбай туруп, өзүн тазамын деп эсептеген адамдар бар.

13 Менменсинген, боюн көтөргөн адамдар бар.

14 Жер үстүндөгү жакырларды жана эл ичиндеги жарды-жалчыларды жей турган тиштери кылыч, жаактары шамшар болгон адамдар бар.

15 Тойбостун “Келе, келе” деген эки кызы бар. Тойбогон үч нерсе бар, “Жетет” дебеген төрт нерсе бар.

16 Булар: өлгөндөр жаткан жай жана тукумсуз жатын, сууга тойбогон жер жана “Жетишет” дебеген от.

17 Атасын мыскылдаган, энесине баш ийбеген көздү чөл кузгундары чокуп салат, бүркүттүн барчындары жеп салат.

18 Мен үчүн үч нерсе кол жеткис, төрт нерсени түшүнбөйм:

19 асмандагы бүркүт жолу, аскадагы жылан жолу, деңиздеги кеме жолу, кызга барган жигиттин жолу.

20 Бузулган аялдын жолу да ошондой: жеп бүтүп, оозун аарчып: “Мен эч кандай жамандык кылган жокмун”, – дейт.

21 Үч нерседен жер солкулдайт, төрт нерсени көтөрө албайт:

22 кулдун падыша болгонуна, акылсыздын нанды тоё жегенине,

23 бузулган аялдын күйөөгө тийгенине, күңдүн өзүнүн мырзайымынын ордун ээлеп алганына.

24 Жер үстүндө төрт майда жаныбар бар, бирок алар акылдуулардан да акылдуу:

25 кумурскалар, күчтүү эл эмес, бирок алар өздөрүнүн азыгын жайында камдап алышат;

26 тоо чычкандары, алсыз эл, бирок алар үйлөрүн аскаларга салышат;

27 чегирткелер, алардын падышасы жок, бирок бардыгы тизилип чыгышат;

28 жөргөмүштөр, алар буттары менен илинип турушат, бирок падышанын ак сарайларында болушат.

29 Басканы сонун үч нерсе бар, жүрүшү укмуш төрт нерсе бар:

30 арстан, ал – жырткычтардын эң күчтүүсү, эч кимге жол бербейт;

31 жылкы, эчки жана өз элинин арасындагы падыша.

32 Эгерде сен өзүңдүн текебердигиң менен акылсыздык кылып, бирөөгө жамандык ойлогон болсоң, анда колуң менен оозуңду жап.

33 Анткени сүттү бышса май түшөт, мурунга урса кан чыгат, ошондой эле ачууну козгосо чатак чыгат».

**31-БӨЛҮМ**

**Лемуел падышанын сөздөрү**

1 Лемуел падышанын сөздөрү. Энесинин ага айткан акыл-насааттары булар:

2 «Эмне болду, уулум? Эмне болду, жатынымдан чыккан уулум? Эмне болду, убада берип төрөгөн уулум?

3 Күчүңдү аялдарга бербе, жолдоруңду падышаларды ойрон кылган бузулган аялдарга бербе.

4 Лемуел, падышаларга шарап, мырзаларга күчтүү ичимдик ичкенге болбойт.

5 Алар ичкилик ичип алып, мыйзамды унутуп коюшпасын, эзилгендерге адилетсиздик кылышпасын.

6 Ичкиликти өлүп бара жаткан адамга бергиле, шарапты кайгыга баткан адамга бергиле.

7 Ал ичип, жакырлыгын унутсун, өзүнүн кайгысын эсинен чыгарсын.

8 Оозуңду сүйлөй албай тургандар үчүн, жетимдерди коргош үчүн ач.

9 Оозуңду акыйкаттык үчүн, алсыздар менен жарды-жалчылардын иши үчүн ач».

10 Ким жакшы аял таба алат? Анын баасы асыл берметтерден да жогору.

11 Ага күйөөсүнүн жүрөгү ишенет, күйөөсү кирешесиз калбайт.

12 Ал күйөөсүнө өмүрү өткөнчө жамандык менен эмес, жакшылык менен гана кайтарат.

13 Ал жүн, зыгыр буласын өндүрөт, өз колу менен чын жүрөктөн иштейт.

14 Ал аял соодагерлердин кемелерине окшоп, өзүнүн нанын алыстан табат.

15 Ал таң ата электе эле туруп, үйүндөгүлөргө тамак берип, күңдөрүнө белгиленген иштерди тапшырат.

16 Жер алгысы келсе, ага да ээ болот. Өз колунун жемиши менен жүзүмзар отургузат.

17 Белин бекем бууп, булчуңдарын чыңайт.

18 Ал өз ишинин жакшы экенин сезет, анын чырагы түн ичинде да өчпөйт.

19 Колун жип ийрүүчү чарыкка сунат, колуна ийик алат.

20 Жардыларга алаканын ачат, муктаж болгондорго колун сунат.

21 Суук болгондо үй-бүлөм үшүйт деп коркпойт, анткени анын бүт үй-бүлөсү эки сыйрадан кийим кийген.

22 Ал өзүнө килем согот, ак мата менен кызыл шайыдан кийим киет.

23 Анын күйөөсү – кадырлуу адам, дарбаза алдында уруу аксакалдары менен отурат.

24 Ал жабуу жасап сатат, финикиялык соодагерлерге кур жеткирет.

25 Күч менен сулуулук – анын кийими, ал келечекке кубанычтуу карайт.

26 Акылмандык менен сүйлөйт, момундук менен акыл-насаат айтат.

27 Ал өз үйүндөгү чарбасына көз салат, бекер тамак жебейт.

28 Балдары туруп, аны сыйлашат, күйөөсү туруп, аны мактайт:

29 «Жакшы аялдар көп болгон, бирок сен алардын баарынан ашып түштүң».

30 Сүйкүмдүүлүк алдап кетет, сулуулук өтүп кетет, бирок Теңирден корккон аял мактоого татыктуу.

31 Ага өз колунан чыккан жемишинен бергиле, иштери аны дарбаза алдында даңктасын!

## НАСААТЧЫ

### 1-БӨЛҮМ

**Бардыгы курулай убаракерчилик**

1 Иерусалимдеги падыша Дөөттүн уулу, Насаатчынын сөздөрү.

2 «Түйшүктүн түйшүгү, – деди Насаатчы, – түйшүктүн түйшүгү – бардыгы түйшүк!

3 Адамга өзүнүн күн астында мээнеттенген эмгегинен эмне пайда?

4 Бир муун өтөт, бир муун келет, жер болсо кылымдан кылымга тура берет.

5 Күн чыгат, күн кайра батат, ал өзүнүн ордуна, чыккан жерине шашат.

6 Шамал түштүккө согот, андан түндүккө өтөт, ал өз жолу менен тегеренип жүрүп, чыккан жерине кайтат.

7 Дарыялардын баары деңизге барып куят, бирок деңиз ашып-ташып кетпейт, кайра агыш үчүн, дарыялар өздөрүнүн чыккан жерине кайтышат.

8 Бардыгы эмгектенүүдө. Эч ким аны сөз менен айтып жеткире албайт. Көз көргөнүнө тойбойт, кулак укканына тойбойт.

9 Мурун эмне болсо, азыр да ошол боло берет, мурун эмне жасалса, азыр да ошол жасала берет, демек, күн астында жаңы эч нерсе жок.

10 Адамдар: “Карасаң, бул – жаңы нерсе”, – деп айта турган бир нерсе болушу мүмкүн, бирок ал бизден мурун, өткөн кылымдарда эле болгон.

11 Мурун болгон нерселер эстелбейт, ошондой эле боло турган нерселер кийинкилердин эсинде калбайт.

**Насаатчынын турмуштук тажрыйбасы**

12 Мен, Насаатчы, Иерусалимде Ысрайылдын падышасы болгом.

13 Мен асман астында эмне болуп жатса, ошонун баарын акыл менен сынаганга, изилдегенге көңүл койдум: бул татаал ишти Кудай адам баласына машыгып турсун деп берген.

14 Мен күн астында жасалып жаткан иштердин баарын көрдүм, анын бардыгы – курулай убаракерчилик жана рухтун кыйналуусу!

15 Ийри түзөлбөйт, жок нерсени бар деп эсептөөгө болбойт.

16 Мен өзүмө өзүм мындай дедим: “Мына, мен Иерусалимге менден мурун бийлик кылгандарга караганда көбүрөөк акылмандуулукка ээ болдум. Менин жүрөгүм көп акылмандыкты жана көп билимди көрдү”.

17 Мен акылмандыкты таанып билүүгө, акылсыздык менен түркөйлүктү таанып билүүгө көңүл койдум. Бул да рухтун кыйналуусу экенин билдим.

18 Анткени акылмандуулук канчалык көп болсо, кайгы ошончолук көп, билимин арттырган адам кайгысын арттырат.

**2-БӨЛҮМ**

1 Мен жүрөгүмдө: "Мен сени шаттык менен сынап көрөйүн, жакшы нерселерден ыракат ал", – дедим. Бирок бул да курулай убаракерчилик экен!

2 Мен күлкү тууралуу: "Бул – акылсыздык», – дедим, ал эми шаттык тууралуу: «Мындан эмне пайда?" – дедим.

3 Жүрөгүмдө денемди шарап менен ыракаттандырайын деген ойго келдим. Бирок жүрөгүмдү акыл башкаргандыктан, адам баласы үчүн эмне жакшы экенин, ал өзүнүн кыска өмүрүндө, асман астында эмне кылыш керек экенин билүү үчүн, акылсыздыкты сынап көрөйүн дедим.

4 Мен чоң иштерди жасадым: өзүмө үйлөрдү, жүзүмзарларды отургуздум,

5 бакчаларды, сейил бактарды өстүрдүм, аларга мөмөлүү дарактардын түрүн отургуздум.

6 Токойдо өскөн бак-дарактарды сугарып туруу үчүн, көлмөлөрдү курдум.

7 Кулдарды жана күңдөрдү сатып алдым, менин үйүмдө төрөлгөн кулдар да бар болчу. Ошондой эле менин бодо жана майда малым Иерусалимде менден мурун жашагандардын баарыныкынан көп болчу.

8 Падышалардан жана дубан башчылардан алтын, күмүш, кымбат баалуу таштарды чогулттум. Көп ырчы кыз-жигиттерди күттүм, адам баласынын ырахаты болгон ар түрдүү музыкалык аспаптарым бар эле.

9 Ошентип, мен Иерусалимде менден мурун жашагандардын баарынан улуу жана бай адам болдум; акылмандыгым да мага жардам берди.

10 Көзүмдүн бир да каалоосун четке каккан жокмун. Жүрөгүм каалаган кубанычты тыйган жокмун, анткени жүрөгүм менин бардык иштериме кубанып турду, бул менин бардык иштеримден алган үлүшүм болду.

11 Анан мен өз колум менен жасаган иштердин баарын жана өзүм эмгектенген эмгегимди карап, мындай чечимге келдим: бардыгы курулай убаракерчилик жана рухтун кыйналуусу, күн астында алардан пайда жок!

12 Ошондо мен акылмандыкка да, акылсыздыкка да, түркөйлүккө да көз салып көрөйүнчү деп кайрылдым. Падышадан кийин келген адам эмне кыла алат? Буга чейин жасалып келген нерсени эле кыла алат.

13 Ошентип, мен караңгылыктын жанында жарык кандай артыкчылыкка ээ болсо, акылсыздыктын жанында акылмандык ошондой артыкчылыкка ээ экенин көрдүм.

14 Акылмандын көзү өз башында, ал эми акылсыз караңгылыкта жүрөт. Бирок баарынын башына бир эле нерсе түшөрүн билдим.

15 Анан жүрөгүмдө мындай дедим: "Акылсыздын башына түшкөн нерсе, менин башыма да түшөт, андай болсо эмне үчүн мен абдан акылдуу болдум?" Ошондо: "Бул да – курулай убаракерчилик", – дедим.

16 Анткени акылдууну деле акылсыздай түбөлүккө унутушат, келечекте бардыгы унутулат. Тилекке каршы, акылдуу да акылсыз сыяктуу эле өлөт.

17 Мен өмүрдү жек көрүп калдым, анткени күн астында жасалып жаткан иштердин бардыгы мага жакпай калды. Анткени бардыгы курулай убаракерчилик жана рухтун кыйналуусу экен!

18 Ошентип, мен күн астында жасаган эмгегимдин бардыгын жек көрүп калдым, анткени мен аны өзүмдөн кийинки адамга калтырышым керек.

19 Анын акылдуу болорун же акылсыз болорун ким билет? Бирок ал менин күн астында акылмандуулук кылып эмгектенген иштеримдин баарына ээлик кылат. Бул да курулай убаракерчилик экен!

20 Ошондо мен жүрөгүмдү күн астында кылган бардык эмгектеримден көңүл калууга бурдум,

21 анткени кайсы бир адам акылын, билимин колдонуп, ийгиликтүү эмгектенип, анан бардыгын эмгектенбеген адамга ошонун үлүшү болгонсуп калтырууга тийиш. Бул да курулай убаракерчилик жана чоң жамандык экен!

22 Ошондуктан адам күн астында эмгектенген бардык эмгегинен, жүрөгүнүн түйшүктөрүнөн эмне табат?

23 Анткени анын бүт өмүрү – кайгы, бардык эмгеги – тынчсыздануу. Атүгүл, түн ичинде анын жүрөгү тынч албайт. Бул да курулай убаракерчилик экен!

24 Ичип-жеп жыргоо, өз эмгегинен ыракат алуу да адамдын бийлигинде эмес. Мен бул нерсе да Кудайдын колунда экенин көрдүм.

25 Анткени Ансыз ким ичип-жеп, ыракаттана алат?

26 Анткени Теңир Өзүнө жаккан адамга акыл да, билим да, кубаныч да берет, ал эми күнөөкөр адамга жыюу, чогултуу түйшүгүн берет. Анан анын жыйгандарын Кудай Өзүнө жаккан адамга берет. Бул да курулай убаракерчилик жана рухтун кыйналуусу экен!

**3-БӨЛҮМ**

**Бардык нерсенин өз убагы бар**

1 Бардык нерсенин өз убагы бар, асман астындагы ар бир нерсенин өз убагы бар.

2 Төрөлө турган убак бар, өлө турган убак бар. Отургуза турган убак бар, жула турган убак бар.

3 Өлтүрө турган убак бар, дарылай турган убак бар. Буза турган убак бар, кура турган убак бар.

4 Ыйлай турган убак бар, күлө турган убак бар. Кайгыра турган убак бар, бийлей турган убак бар.

5 Таштарды чача турган убак бар, таштарды жыйнай турган убак бар. Кучакташа турган убак бар, кучакташпай турган убак бар.

6 Издей турган убак бар, жогото турган убак бар. Сактай турган убак бар, таштай турган убак бар.

7 Жырта турган убак бар, жамай турган убак бар. Унчукпай турган убак бар, сүйлөй турган убак бар.

8 Сүйө турган убак бар, жек көрө турган убак бар. Согуша турган убак бар, тынч жашай турган убак бар.

9 Жумушчуга өзүнүн иштеген ишинен эмне пайда?

10 Кудай адам баласына машыксын деп берген мына ушул түйшүктү көрдүм.

11 Адам Кудайдын жасап жаткан иштерин башынан аягына чейин түшүнө албаса да, Ал бардык нерсени өз убагында сонун кылып жасады, алардын жүрөгүнө түбөлүктүүлүктү салды.

12 Адамга өз өмүрүндө кубануудан жана жакшылык кылуудан артык эч нерсе жок экенин түшүндүм.

13 Эгерде адам ичип-жеп, ар бир ишинин үзүрүн көрүп жатса, анда бул – Кудайдын белеги.

14 Кудай жасагандын бардыгы түбөлүктүү экенин түшүндүм, ага эч нерсе кошууга да, андан эч нерсени алууга да болбойт. Кудай Өзүнөн коркуп турушу үчүн ушундай кылып жараткан.

15 Мурун болгон нерсе азыр да бар, боло турган нерсе мурун да болгон. Кудай өткөндү кайра чакырат.

**Дүйнөдөгү адилетсиздик жөнүндө**

16 Дагы мен күн астынан адилеттик боло турган жерде мыйзамсыздык болуп жатканын көрдүм, чындык боло турган жерде алдамчылык болуп жатканын көрдүм.

17 Ошондо мен жүрөгүмдө мындай деп айттым: "Адил адамды да, мыйзамсыз адамды да Кудай соттойт, анткени ар бир нерсенин өз убагы бар, ал жерде ар бир иштин үстүнөн сот болот".

18 Мен жүрөгүмдө адам баласы тууралуу мындай дедим: "Аларды Кудай сынасын, алар өздөрүнүн жаныбар сыяктуу эле экенин көрүшсүн".

19 Анткени адам баласынын үлүшү менен жаныбарлардын үлүшү бир. Адамдар өлгөндөй эле, булар да өлүшөт, бардыгы бирдей дем алат, адамдын жаныбардан эч кандай артыкчылыгы жок, анткени бардыгы – курулай убаракерчилик!

20 Бардыгы бир жерге барат, бардыгы топурактан жаралган, бардыгы кайра топуракка айланат.

21 Адам баласынын жаны жогору көтөрүлөбү, жаныбарлардын жаны төмөн жакка түшөбү, муну ким билет?

22 Ошентип, мен адам үчүн өз иштери менен ыракаттангандан артык эч нерсе жок экенин көрдүм, анткени бул – анын үлүшү. Өзүнөн кийин эмне болорун көргөнгө аны ким алып келет?

**4-БӨЛҮМ**

1 Анан мен күн астында болуп жаткан ар кандай эзүүнү көрдүм: мына, эзилгендердин көз жашы агып жатат, бирок алардын сооротуучусу жок. Аларды эзип жаткандардын колунда – күч, ал эми алардын сооротуучусу жок.

2 Ошондо мен ушул күнгө чейин жашап жаткан тирүүлөргө караганда небак өлгөндөр бактылуу деп эсептедим.

3 Ал эми бул экөөнө караганда төрөлбөгөндөр – күн астында болуп жаткан кыянат иштерди көрбөгөндөр бактылуу.

4 Мен ар бир эмгек, ар бир иштин ийгилиги адамдар арасында өз ара көрө албастыкты туудуруп жатканын көрдүм. Бул да курулай убаракерчилик жана рухтун кыйналуусу экен!

5 Акылсыз адам колун куушуруп отура берип, өз денесин жейт.

6 Мээнет жана рухтун кыйналуусу менен табылган кош уучка караганда тынчтык менен табылган бир ууч артык.

7 Анан мен күн астындагы дагы бир курулай убаракерчиликти көрдүм:

8 жалгыз адам, анын эч кимиси жок, баласы да, бир тууганы да жок, бирок иши бүтпөйт, көзү да байлыкка тойбойт. "Деги мен ким үчүн эмгектенип, жанымды жыргалдан ажыратып жатам?" Бул да курулай убаракерчилик жана жакшы иш эмес экен!

9 Жалгыз болгонго караганда, экөө болгон жакшы, анткени алар өздөрүнүн эмгеги үчүн жакшы сыйлык алышат.

10 Анткени бирөө жыгылса, экинчиси тургузат. Бирок жыгылса тургузары жок жалгыз адамга кайгы.

11 Эгерде экөө чогуу жатса, аларга жылуу болот. Ал эми жалгыз адам кантип жылыйт?

12 Эгерде кимдир бирөө жалгыз адамды жеңе ала турган болсо, анда экөө ага каршы тура алат. Үч катталган жип да оңой менен үзүлбөйт.

13 Кары, бирок кеңешти кабыл алганды билбеген акылсыз падышага караганда жарды, бирок акылдуу жаш улан артык.

14 Ал өз өлкөсүндө жарды болуп төрөлсө да, зындандан падышачылык кылганы чыгат.

15 Мен күн астында жүргөн адамдардын баары анын ордун ээлей турган башка улан менен бирге жүргөнүн көрдүм.

16 Анын алдында турган элге сан жетпейт, бирок кийинкилер ага кубанышпайт. Бул да курулай убаракерчилик жана рухтун кыйналуусу экен!

17 Кудайдын үйүнө баратканыңда, бутуңду байка, баарынан да, укканга даяр бол. Анткени бул акылсыздардын курмандык чалганына караганда жакшы, анткени алар жаман иш кылып жатканын түшүнүшпөйт.

**5-БӨЛҮМ**

**Ойлонбой убада берүүдөн абайлатуу**

1 Сүйлөгөнгө шашылба, жүрөгүң да Кудайдын алдында сүйлөгөнгө ашыкпасын, анткени Кудай асманда, сен болсо жердесиң, ошондуктан аз сүйлө.

2 Түштөр түйшүктүн көптүгүнөн кирет; акылсыздын үнү көп сүйлөгөнүнөн билинет.

3 Кудайга убада берсең, аны кечиктирбей аткар, анткени Ал акылсыздарга ырайым кылбайт, берген убадаңды аткар.

4 Убада берип аткарбай койгондон көрө, убада бербегениң жакшы.

5 Тилиңдин денеңди күнөөгө батыруусуна жол бербе. Кудайдын периштесинин алдында: "Бул – жаңылыштык", – дебе. Болбосо Кудай сенин сөзүңө каарданып, колуң менен кылган иштериңди кыйратып салат.

6 Анткени көп түш көргөндөн курулай убаракерчилик жана сөз көп болот, бирок сен Кудайдан корк.

7 Эгерде сен кайсы бир дубанда кедейлер кысымга алынып, адилеттик менен чындык бурмаланып жатканын көрсөң, буга таң калба, анткени жогоркунун үстүнөн андан жогорку карап турат, анын үстүнөн эң жогорку көз салып турат.

8 Өлкөнүн артыкчылыгы болсо өлкөсү үчүн кам көргөн падыша болуп эсептелет.

9 Күмүштү сүйгөн адам күмүшкө тойбойт. Байлыкты сүйгөн адам андан пайда таппайт. Бул да – курулай убаракерчилик!

10 Мал-мүлк көбөйгөн сайын, аны пайдалангандар да көбөйөт. Ага ээлик кылгандар аны карап туруудан бөлөк кайсы бакытты табышат?

11 Көп жейби, аз жейби, эмгекчинин уйкусу таттуу. Ал эми байдын ашыра тоюп алганы өзүнө уйку бербейт.

12 Мен күн астында кайгылуу нерсе бар экенин көрдүм: байлык, сактап жүргөн ээсине зыян келтирет.

13 Ал байлык күтүлбөгөн кырсыктардан жок болот: андан уул төрөлдү, бирок анын колунда эч нерсе жок.

14 Ал энесинин курсагынан кандай жылаңач чыкса, ошондой жылаңач кетет, өз эмгегинен колуна эч нерсе көтөрүп кете албайт.

15 Бул да кайгылуу нерсе: ал кандай келсе, ошондой кетет. Текке кеткен эмгегинен ал эмне пайда тапты?

16 Ал болсо өмүрү өткөнчө караңгыда, туталанып, капаланып, ачууланып тамак жеген.

17 Мен жакшы жана жагымдуу нерсени да таптым, бул – адамдын өзүнүн Кудай берген бүт өмүрүндө күн астында кылган бардык эмгегинен ыракат алуусу, жеп-ичүүсү, анткени бул – анын үлүшү.

18 Эгерде кайсы бир адамга Кудай байлык жана мал-мүлк берсе жана ага аларды пайдаланууга бийлик берсе, өз үлүшүн алса, эмгегинин үзүрүн көрсө, анда бул – Кудайдын белеги.

19 Ал өз жашоосунун кыскалыгы жөнүндө көп ойлонбойт, анткени Кудай анын жүрөгүн кубанычка толтурган.

**6-БӨЛҮМ**

1 Мен күн астынан дагы бир жамандыкты көрдүм, бул нерсе адамдар арасында көп кездешет.

2 Кудай адамга байлыкты да, мал-мүлктү да, атак-даңкты да берет, анын жаны эч нерседен кем эмес, анын каалаганынын баары бар, бирок Кудай ага аларды пайдаланууга жол бербейт, аларды башка киши пайдаланат. Бул – курулай убаракерчилик жана оор дарт!

3 Эгерде кайсы бир адам жүз балалуу болуп, көп жыл жашаса, анын өмүрү дагы узарса, бирок анын жаны жакшылык көрүп ыракаттанбаса, атүгүл, аны көмүшпөсө, анда мен: "Ага караганда бойдон түшкөн бала бактылуу, – дээр элем.

4 Анткени ал бекер эле келип, караңгылыкка кетти. Анын ысымын караңгылык жашырып коёт.

5 Ал күндү көргөн да, билген да эмес. Тигиге караганда буга тынчыраак.

6 Ал эми тиги эки миң жыл жашап, жакшылык көрүп ыракаттанбаса да, баары эле бир жерге барат эмеспи!”

7 Адамдын бүткүл эмгеги – кекиртеги үчүн, бирок анын жаны тойбойт.

8 Акылдуу акылсыздын алдында кандай артыкчылыкка ээ? Адамдар менен мамилелешкенди билген жардынын кандай артыкчылыгы бар?

9 Жаны менен адашканча, көзү менен көргөн артык. Бул да ошондой эле курулай убаракерчилик жана рухтун кыйналуусу экен!

10 Азыр бар нерсеге мурун эле ат коюлган, ал адам экени да белгилүү, анын өзүнөн Күчтүү менен талашып-тартыша албасы да белгилүү.

11 Түйшүктү арбыткан ушундай нерселер көп. Деги адам үчүн эмне жакшы болду экен?

12 Жашоодо адам үчүн эмне жакшы экенин ким билет? Анын түйшүктүү өмүрү көлөкө сыяктуу өтүп кетет. Адамдын көзү өтүп кеткенден кийин, күн астында эмне болорун ага ким айтып берет?

**7-БӨЛҮМ**

**Жашоо жөнүндө ой жүгүртүү**

1 Жакшы ат кымбат баалуу, жыпар жыттуу майдан артык, өлгөн күн туулган күндөн артык.

2 Той болуп жаткан үйгө баргыча, өлгөн кишини жоктоп ыйлап жаткан үйгө барган жакшы, анткени ар бир адам өлөт, тирүү адам муну жүрөгүнө салып койсун.

3 Күлкүгө караганда кайгы жакшы, анткени адам кайгырганда, жүрөгү жакшы болуп калат.

4 Акылдуу адамдардын жүрөгү – ыйлагандардын үйүндө, ал эми акылсыз адамдардын жүрөгү – көңүл ачкандардын үйүндө.

5 Акылсыздардын ырларын уккандан көрө, акылмандын ашкерелегенин уккан жакшы.

6 Анткени акылсыздардын күлкүсү – казандын астындагы тикенектин чартылдаганындай. Бул да – курулай убаракерчилик!

7 Акылдуу адам башка бирөөлөрдү кысымга алып акылсыз болот. Белек жүрөктү бузат.

8 Иштин аягы иштин башталышынан жакшы, чыдамкай адам менменсинген адамдан артык.

9 Ачууланганга шашпа, анткени ачуу акылсыздардын жүрөгүндө уялайт.

10 “Эмне үчүн азыркы күндөргө караганда өткөн күндөр жакшы эле?” дебе, анткени сен муну акылдуу болгонуңдан сурап жаткан жоксуң.

11 Акылмандуулук мурас сыяктуу эле жакшы, айрыкча күндү көрүп тургандарга жакшы.

12 Анткени анын далдаасында болуу – күмүштүн далдаасында болууга барабар. Бирок билимдин артыкчылыгы бул: акылмандык акылмандыкка ээ болгон адамга өмүр берет.

13 Кудайдын кылган ишине көз чаптыр: Ал кыйшык кылып койгон нерсени ким түздөй алат?

14 Бакыбат күндөрү кубан, ал эми бактысыздык болуп турган күндөрү ойлон. Адам баласы өзүнүн келечеги жөнүндө билбесин деп, аны да, муну да Ал Өзү кылган.

15 Мен өзүмдүн түйшүктүү өмүрүмдө баарын: адил адамдын адил жашап жүрүп өлгөнүн, мыйзамсыз адам мыйзамсыздык кылып көп жашаганын көрдүм.

16 Өзүңдү өтө адил адам кылып көрсөтпө, акылдуусунба, өзүңдү өзүң ойрон кылып эмне кыласың?

17 Күнөөгө берилбе, акылсыз болбо, мезгилсиз өлгөндүн сага эмне кереги бар?

18 Эгерде сен бирин сактап, экинчисинен да колуңду албасаң, анда жакшы, анткени Кудайдан корккон адам экөөнөн тең качып кутулат.

19 Акылмандык акылдуу адамды шаардагы он өкүмдардан күчтүү кылат.

20 Жер үстүндө жакшылык кылып, күнөө кылбаган бир да адил адам жок.

21 Кулуңдун сени жамандап жатканын угуп калбашың үчүн, айтылган ар кандай сөзгө көңүл бура бербе.

22 Анткени сенин жүрөгүң өзүңдүн да бирөөлөрдү жамандаган учурларыңды жакшы билет.

23 Мен мунун баарын акылмандык менен сынап көрдүм, мен: “Акылдуу адам болом”, – дедим, бирок акылмандык менден алыс.

24 Болуп өткөн нерсе алыс жана терең: аны ким таанып биле алат?

25 Мен акылды жана акылмандыкты билгенге, изилдегенге, издеп тапканга жана акылсыздын мыйзамсыздыгын жана наадандыкты, акылсыздыкты таанып билгенге көңүл койдум.

26 Ошондой эле мен аялдын өлүмдөн да ачуу экенин түшүндүм, анткени аял өзү – тор, жүрөгү – тузак, колу – кишен. Кудайдын алдында адил адам андан куткарылат, ал эми күнөөкөр анын торуна түшөт.

27 Биринин артынан бирин сынап жатып, мен мына ушуну түшүндүм, – деди Насаатчы.

28 Менин жаным издеп, бирок таба албаган дагы эмне бар? Миңдин арасынан бир гана эркек таптым, алардын арасынан бир да аял таппадым.

29 Мен муну гана түшүндүм: Кудай адамды адил кылып жараткан, бирок адамдар ар кандай ойлоп чыгарылган нерселерге берилип кетишкен.

**8-БӨЛҮМ**

1 Ар кандай нерсенин маанисин акылман түшүнгөндөй ким түшүнө алат? Адамдын акылдуулугу өзүнүн жүзүн жарык кылат, анын катаал жүзү өзгөрөт.

**Падышага баш ийүү**

2 Мен мындай кеңеш берем: “Падышанын сөзүн Кудайдын алдындагы антты аткаргандай аткар.

3 Анын алдынан кеткенге шашпа, жаман ишиңден кайтпай туруп алба, анткени ал каалаганынын баарын кылып коё алат".

4 Падышанын сөзү бар жерде бийлик бар. Ага: "Эмне кылып жатасың?" – деп, ким айта алат?

5 Осуятты сактаган адам эч жамандык көрбөйт: акылдуу адамдын жүрөгү убакытты да, мыйзамды да билет.

6 Анткени ар бир нерсенин өз убактысы, өз мыйзамы бар. Бирок адамдын көп жамандык көргөнү –

7 келечекте эмне болорун билбегенинде. Келечеги кандай болорун ага ким айтып берет?

8 Адамдын шамалды кармап калыш үчүн, шамалдын үстүнөн бийлиги жок, анын өлүм келген күндүн үстүнөн бийлиги жок, согуш учурунда бошонуу жок, мыйзамсызды мыйзамсыздык куткара албайт.

**Мыйзамсыздар жана адил адамдар**

9 Мен булардын баарын көрдүм, күн астында болуп жаткан ар кандай иштерге көңүл койдум. Адам адамдын үстүнөн бийлик кылып, ага зыян келтирген учур да болот.

10 Мен ошондо ыйык жерге келип-кетип жүргөн мыйзамсыздарды көмүп жатышканын көрдүм. Алар шаарда ушундай иштерди кылышчу, бирок ошол шаардын тургундары аларды унутуп коюшканын көрдүм. Бул да курулай убаракерчилик экен!

11 Кыянат иштерди кылган адамдар дароо эле жазаланышпайт. Ушундан улам адам баласынын жүрөгү кыянаттык кылуудан коркпойт.

12 Күнөөкөр адам жүз ирет кыянаттык кылса жана анысын уланта берсе да, мен Кудайдан корккондорго, Аны урматтагандарга жакшы болорун билем.

13 Ал эми мыйзамсыз адам жакшылык көрбөйт, ким Кудайды урматтабаса, ал көлөкө сыяктуу көпкө турбайт.

14 Жер үстүндө дагы мындай түйшүк бар: мыйзамсыздар өз иштерине жараша көрө турганды адил адамдар көрөт, ал эми адил адамдар өз иштерине жараша көрө турганды мыйзамсыздар көрөт. Ошондо мен: "Бул да – курулай убаракерчилик!" – дедим.

15 Ошондо мен кубанычты мактадым, анткени адам үчүн күн астында жеп-ичип көңүл ачкандан артык эч нерсе жок. Кудай күн астында берген өмүрү өткөнчө, адамдын бүт эмгегин бул кубаныч коштоп жүрөт.

16 Мен акылмандуулукка жетүүгө жана жер үстүндө болуп жаткан иштерди, адам баласынын күндүз да, түн ичинде да уйку көрбөй иштеген иштерин көрүүгө көңүл койдум.

17 Ошондо мен Кудайдын бардык иштерин көрүп, күн астында болуп жаткан нерселерди адам баласы түшүнө албастыгын билдим. Адам аны изилдөөгө канчалык аракеттенбесин, баары бир түшүнө албайт. Эгерде бир даанышман мен билем десе да, ал аны түшүнө албайт.

**9-БӨЛҮМ**

1 Мен ушулардын баарын изилдегенге көңүл коюп, адил адамдар да, акылдуу адамдар да, алардын иштери да Кудайдын колунда экенин, адам өзүнүн алдында сүйүүбү же жек көрүүбү, кайсынысы күтүп турганын билбегенин билдим.

2 Баарына: адил адамга да, мыйзамсыз адамга да, ак ниетке да, кара ниетке да, тазага да, таза эмеске да, курмандык чалганга да, курмандык чалбаганга да, жакшылык кылганга да, күнөөкөргө да, ант бергенге да, анттан коркконго да бир үлүш.

3 Күн астында болуп жаткан нерселердин ичинен эң жаманы – бардыгынын үлүшү бир экендиги. Адам баласынын жүрөгү жамандыкка толгон, алардын жүрөгүндө да, жашоосунда да акылсыздык. Анан алар өлгөндөргө кошулушат.

4 Тирүүлөрдүн арасында жашаган адамдын дагы үмүтү бар, анткени өлгөн арстанга караганда тирүү дөбөткө жакшы.

5 Тирүүлөр өлө турганын билишет, ал эми өлгөндөр эч нерсе билишпейт, алар эми иштерине жараша тиешесин ала алышпайт, анткени алар унутулушат.

6 Алардын сүйүүсү да, жек көрүүсү да, кызганчаактыгы да жок болду, мындан ары, түбөлүккө аларга күн астында жасалып жаткан нерселердин эч биринен үлүш жок.

7 Ошондуктан Кудай сенин иштериңе ийгилик берип турганда, бар, наныңды кубаныч менен же, жүрөгүңдөгү кубаныч менен шарабыңды ич.

8 Ар убакта кийимиң ак болсун, башыңа сыйпалчу зайтун майы түгөнбөсүн.

9 Түйшүктүү өмүрүң өткөнчө, сүйгөн аялың менен жашоонун ыракатын көр, Кудай сага күн астындагы түйшүктүү өмүр үчүн берген жашоонун ыракатын көр, анткени бул – жашоодогу энчиң, күн астында кылган эмгегиңдин үзүрү.

10 Колуңдан келген иштерди алыңдын жетишинче жаса, анткени сен бара турган мүрзөдө жумуш да, ой жүгүртүү да, билим да, акылмандуулук да жок.

11 Анан мен күн астынан муну көрдүм: жарышта жеңип чыгуу күлүктөргө эле, жеңишке жетүү эр жүрөктөргө эле, нан акылмандарга эле, байлык акылдууларга эле, ылым табуу билимдүүлөргө эле тиешелүү эмес экен, бардыгынын өз убагы, өз учуру бар экен.

12 Анткени адам өзүнүн мезгилин билбейт. Балыктар өлүм торуна түшөт, канаттуулар кылтакка чалынат, ошол сыяктуу эле адам баласы да күтүлбөгөн жерден кырсыкка кабылат.

**Акылмандык жана акылсыздык жөнүндө ой жүгүртүү**

13 Мен күн астынан дагы мындай акылмандыкты көрдүм, ал мага маанилүү болуп көрүндү:

14 Бир чакан шаар, анда жашаган адамдар да анча көп эмес. Ал шаарга улуу падыша кол салып, аны курчап алып, камоо үчүн чеп курду.

15 Бирок ал шаардан бир акылдуу жакыр адам чыгып, өзүнүн акылы менен ошол шаарды куткарып алды. Ошентсе да ал жакыр адамды эч ким эскерген жок.

16 Ошондо мен мындай деп айттым: “Күчкө караганда акылмандык жакшы, ошондой болсо да жакыр адамдын акылмандыгын баркташпайт, анын сөзүн да угушпайт”.

17 Акылсыздар арасындагы өкүмдардын кыйкырыгына караганда, акылдуу адамдын сабырдуулук менен айтылган сөздөрүн жакшы угушат.

18 Жоокердин курал-жарагына караганда акылмандык артык. Бирок күнөөгө баткан бир адам көп жакшы нерсени ойрон кылат.

**10-БӨЛҮМ**

1 Өлгөн чымындар жыпар жыттуу майдын жытын бузат, кадыр-барктуу адамдын кичине акылсыздыгы да анын акылмандуулугу менен кадыр-баркына шек келтирет.

2 Акылдуу адамдын жүрөгү оңго, акылсыздын жүрөгү солго жетелейт.

3 Акылсыз кайсы жол менен бара жатса да, ага акыл жетишпейт, ал өзүнүн акылсыз экенин ар кимге эле айта берет.

4 Эгер башкаруучуң сага каарданса, ордуңду таштап кетпе, анткени сабырдуулук чоң кылмыштарды да жаап коёт.

5 Мен күн астынан дагы бир жамандыкты көрдүм, ал – өкүмдардан кеткен жаңылыштык:

6 акылсыздарды өтө бийик орунга отургузушат, ал эми байлар төмөнкү орунда отурушат.

7 Мен ат үстүндө жүргөн кулдарды, ал эми төрөлөрдүн кулдарга окшоп жөө жүргөнүн көрдүм.

8 Ор казган адам казган оруна өзү түшөт. Дубалды ураткан адамды жылан чагат.

9 Ташты ордунан жылдырган адам бир жерин мертинтип алышы мүмкүн. Отун жарган адам бир жерин кокустатып алышы мүмкүн.

10 Эгерде балта мокоп калса, анын мизи курчутулбаса, анда күчкө салууга туура келет, бирок акылмандык муну оңдой алат.

11 Эгерде жылан дарымдаганга чейин чагып алса, анда дарымдоочудан эч кандай пайда жок.

12 Акылдуу адамдын оозунан чыккан сөз – ырайым, ал эми акылсыздын оозунан чыккан сөз өзүн өлтүрөт.

13 Анын оозунан чыккан сөздүн башы – акылсыздык, анын оозунан чыккан сөздүн аягы – акылдан адашкандык.

14 Адам алдыда эмне болорун билбегенине карабастан, акылсыз адам оозуна келгенди сүйлөй берет. Өзүнөн кийин эмне болорун ага ким айтып берет?

15 Эмгек акылсызды алсыратат, анткени ал шаарга бара турган жолду да билбейт.

16 Өлкө, падышаң жаш бала болсо, сага кайгы! Төрөлөрүң таң атпай тамак иче баштаса, сага кайгы!

17 Өлкө, падышаң тектүү тукумдан болсо, сага жакшы! Төрөлөрүң тамакты ашыра тоюш үчүн эмес, кубаттаныш үчүн өз убагында жесе, сага жакшы!

18 Жалкоолуктан шып салаңдап калат, шалдайып отура берсе, үйдүн чатырынан суу өтөт.

19 Тойду ыракаттаныш үчүн өткөрүшөт, шарап жашоону шаттандырат. Бирок бардыгын күмүш чечет.

20 Падышаны оюңда да жамандаба, байды уктоочу бөлмөңдө да жамандаба, анткени асман куштары сөзүңдү жеткирип барышы мүмкүн, канаттуу куштар сүйлөгөн сөзүңдү айтып барышы мүмкүн.

**11-БӨЛҮМ**

**Акылдуу адам кылчу нерсе**

1 Наныңды сууга агыз, аны анткени көп күн өткөндөн кийин кайрадан таап аласың.

2 Жети кишиге, атүгүл, сегиз кишиге бөлүп бер, анткени жер үстүндө кандай кырсык болорун билбейсиң.

3 Булуттар сууга толгондо, жерге жамгыр төгөт, эгерде дарак түштүккө же түндүккө куласа, ал кулаган жеринде калат.

4 Шамалды караган адам эгин экпейт, булутту караган адам түшүм жыйнабайт.

5 Сен шамалдын жолун, боюнда бар аялдын курсагында баланын сөөктөрү кантип жаралып жатканын билбегендей эле, бардыгын жасап жаткан Кудайдын иштерин да билбейсиң.

6 Эртең менен үрөнүңдү сеп, кечинде да колуңду тындырба, анткени сен тигил же бул иш ийгиликтүү болорун же экөө тең жакшы болорун билбейсиң.

7 Жарык – жакшы нерсе, көз үчүн күндү көрүү жакшы.

8 Эгер адам көп жыл жашаса, анда ал өмүрү өткөнчө кубансын, көп боло турган кайгылуу күндөрдү эстей жүрсүн: боло тургандын бардыгы – курулай убаракерчилик!

**Жаштарга кеңеш**

9 Жаш чагыңда кубан, жаш улан, жаш күнүңдө жүрөгүң кубанычтын даамын татып калсын, жүрөгүңдүн каалоосу, көзүңдүн жетеги менен жүр, бирок билип кой, ошонун баары үчүн Кудай сени сотко тартат.

10 Жүрөгүңдөн кайгыны жок кыл, денеңди жамандыктан алыс кыл, анткени балалык да, жаштык да – курулай убаракерчилик.

**12-БӨЛҮМ**

1 Оор күндөр келгенге чейин, “Жашоого ыраазы эмесмин” дей турган жылдар келгенге чейин, жаш кезиңде Жаратканыңды эсиңден чыгарба.

2 Күн да, жарык да, ай да, жылдыздар да өчө электе, жамгырдан кийин кайра кара булут каптай электе, Жаратканыңды эсте.

3 Ошол күнү үй кайтаргандар титирейт, кубаттуулар ийилишет, тегирменчилер аз болгондуктан, алардын иши токтойт, терезени карагандар караңгылайт.

4 Көчөнү караган эшиктер бекитилет, тегирмендин ташынын үнү басылат, адамдар короз кыйкырары менен ойгонушат, ырдаган кыздардын үнү басылат.

5 Аларга бийик жерлер коркунучтуу болуп көрүнөт, жолдордо үрөй учурган иштер болот, бадамдар гүлдөп бүтөт, чегирткелер оорлошуп калат, жыпар жыттуу өсүмдүктөр кубулуп түшөт. Анткени адам өзүнүн түбөлүктүү үйүнө кеткени жатат, көчөдө кошокчу аялдар аны тегеректеп алууга даяр турушат.

6 Күмүш чынжыр үзүлө электе, алтын чөйчөк сына электе, булактын жанындагы кумура сына электе, кудуктун үстүндөгү бара талкалана электе, Жаратканыңды эсте.

7 Топурактан жаралган дене кайра топурак болуп калат, ал эми Кудай берген рух кайра Кудайга кетет.

8 “Түйшүктүн түйшүгү, – деди Насаатчы, – бардыгы түйшүк!”»

**Жыйынтыктоо**

9 Насаатчы акылдуу гана болбостон, ал элге билим да берген. Ал баарын сынап көргөн, изилдеген, көп накыл сөздөрдү түзгөн.

10 Насаатчы көркөм накыл сөздөрдү тапканга аракет кылган, чындык сөздөрдү туура жазган.

11 Акылдуу адамдардын сөздөрү ийнедей, кагылган мыктай, аларды түзгөндөр бир Кайтаруучудан.

12 Ал эми ушул сөздөрдөн тышкары айтылган сөздөрдөн сак бол, уулум: китепти көп жаза берсе, аягы болбойт; көп окуса, дене чарчайт.

13 Баарынын жыйынтыгын угалы: Кудайдан корк, Анын буйруктарын аткар, анткени бул адамга өтө керек.

14 Анткени Кудай ар бир ишти соттойт, ар бир жашыруун ишти, ал жакшы иш болобу же жаман иш болобу, Кудай соттойт.

**ЫРДЫН ЫРЫ**

**1-БӨЛҮМ**

**Биринчи ыр**

1 «Ал мени оозу менен өпсүн! Анткени сенин сүйүүң шараптан артык.

2 Сенин жыпар жыттуу майларың кандай сонун жыттанат, сенин атың төгүлгөн миррадай, ошондуктан сени кыздар сүйүшөт».

3 «Мени өзүңө тарт!» «Биз сенин артыңдан чуркайбыз». «Падыша мени өзүнүн ички бөлмөлөрүнө киргизди». «Биз сага суктанабыз, сага кубанабыз. Сенин шараптан артык сүйүүңдү мактайбыз. Сен сүйүүгө татыктуусуң!»

4 «Иерусалим кыздары! Мен кара торумун, бирок Кейдардын чатырындай, Сулаймандын пардасындай сулуумун.

5 Менин кара торулугума карабагыла, анткени мен күнгө күйүп калгамын. Энемдин уулдары мага ачууланып, жүзүмзарларды кайтартып коюшту, ошондуктан өзүмдүн жүзүмзарымды кайтарган жокмун.

6 Айтчы мага, жаным сүйгөн жигитим, койлоруңду кайсы жерге жаясың? Түштө кайда эс аласың? Койлорун кайтарган жолдошторуңдун жанында жүзүн жапкан аял сыяктуу жүрө беремби?»

7 «Аялдардын эң сулуусу, эгерде сен муну билбесең, анда койлордун изи менен бар, улактарыңды койчулардын чатырларынын жанына кайтар.

8 Сүйгөн кызым, мен сени фараондун арабасына чегилген байталга окшоштурам.

9 Таажы алдындагы жүзүң, мончок тагылган мойнуң кандай сонун.

10 Биз сага күмүш менен жээктелген алтын таажы жасап беребиз».

11 «Падыша дасторкон үстүндө отурганда, менин жыпар жыттуу майымдын жыты аңкып турду.

12 Менин сүйгөн жигитим төшүмдө жүргөн бир тутам миррадай.

13 Менин сүйгөн жигитим Эйин-Геди жүзүмзарларындагы кипердин сабагындай».

14 «Оо, кандай сулуусуң, сүйгөн кызым, кандай сулуусуң, сенин көзүң көгүчкөндүн көзүндөй».

15 «Оо, кандай сулуусуң, сүйгөн жигитим, өзүңө тартып турасың! Төшөгүбүз көк шибер,

16 үйүбүздүн чатыры кедр жыгачынан, үйүбүздүн шыбы кипарис тактайынан».

**2-БӨЛҮМ**

1 «Мен Шарондун нарцисс гүлүмүн, өрөөндүн лилия гүлүмүн.

2 Тикенектин арасында лилия гүлү кандай болсо, кыздардын арасында сүйгөн кызым ошондой».

3 «Токойдогу бак-дарактын арасында алма багы кандай болсо, жигиттердин арасында менин сүйгөн жигитим ошондой. Мен анын көлөкөсүндө отурганды жакшы көрөм, анын мөмөлөрү таңдайымда таттуу.

4 Ал мени той үйүнө алып кирди, анын менин үстүмдөгү туусу – сүйүү.

5 Мени мейиз менен кубаттандыргыла, алма менен сергиткиле, анткени мен сүйүүдөн алсырап баратам.

6 Сүйгөн жигитимдин сол колу менин башымдын астында, ал эми оң колу менен мени кучактайт».

7 «Иерусалим кыздары, мага жейрен менен, элик менен ант бергиле: өзү каалламайынча, сүйгөн кызымды ойготпогула, тынчын албагыла».

**Экинчи ыр**

8 «Сүйгөн жигитимдин үнү чыгып жатат! Мына, ал келе жатат, тоолор менен чаап, адырлар менен секирип келе жатат.

9 Менин досум жейренге же жаш бугуга окшош. Мына, ал биздин дубалдын ары жагында туруп алып, терезеден карап жатат, терезенин торунан тиктеп жатат!

10 Сүйгөн жигитим мага минтип сүйлөй баштады: "Тур, сүйгөн кызым, сулуум, жүр мени менен!

11 Мына, кыш да өтүп кетти, жаан жаачу учур бүтүп, жаан басылды.

12 Жер бетине гүлдөр чыга баштады, ырдай турган мезгил келди, өлкөбүздө бактек үнү угула баштады.

13 Анжыр багы бүчүр жарды, жүзүм сабактары гүлдөп, жытын аңкытып жатат. Тур, сүйгөн кызым, сулуум, жүр мени менен!

14 Аска-зоонун далдасындагы, аскалардын жаракасындагы көгүчкөнүм! Мага жүзүңдү көрсөт, мага үнүңдү угуз! Анткени үнүң таттуу, жүзүң жагымдуу!"

15 Бизге жүзүмзарларды бүлдүрүп жаткан түлкүлөрдү, бачикилерди кармап бергиле, анткени жүзүмзарларыбыз гүлдөп жатат.

16 Сүйгөн жигитим мага таандык, мен ага таандыкмын, ал лилия гүлдөрүнүн арасында кой кайтарып жүрөт.

17 Таң агарып, көлөкөлөр кача баштаганга чейин кайрылып кел, жейрендей же тоонун жаракасындагы жаш бугудай бол!

**3-БӨЛҮМ**

1 Түн ичинде төшөгүмдө жатканда, жаным сүйгөн жигитти издедим, аны издедим, бирок таппай койдум.

2 Мен эми турайын, шаарды, көчөлөрдү, аянттарды аралап, жаным сүйгөн жигитти издейин. Мен аны издедим, бирок таппай койдум.

3 Менин алдыман шаарды кыдырып жүргөн күзөтчүлөр чыгышты, мен алардан: "Силер менин жаным сүйгөн жигитти көрдүңөрбү?" – деп сурадым.

4 Бирок мен алардан өтө бергенде жаным сүйгөн жигитимди таптым. Мен аны бек кармап алып, энемдин үйүнө алып келгенче, энемдин төркү үйүнө алып келгенче коё берген жокмун».

5 «Иерусалим кыздары, жейрен менен, элик менен ант бергиле: өзү кааламайынча, сүйгөн кызымды ойготпогула, тынчын албагыла».

**Үчүнчү ыр**

6 «Күйүп жаткан миррадан, фимиамдан жана мирра кайнаткан адамдын ар кандай аралашмасынан чыккан түтүн түрмөгүндөй болуп, чөлдөн келе жаткан бул ким?

7 Бул – Сулаймандын көтөрүп жүрмө тактысы, аны Ысрайыл уулдарынан тандалган алтымыш жигит кайтарып турат.

8 Алардын баары бирден кылыч кармап турат, баары майданда тажрыйбалуу, түнкү коркунучтан улам ар биринин белинде кылыч.

9 Сулайман өзүнө Лебанон дарагынан көтөрүп жүрмө такты жасады.

10 Анын мамыларын күмүштөн, чыканак койчу кырларын алтындан, отургучун кочкул кызыл жибектен жасады, ичин Иерусалим кыздарынын сүйүүсү менен жасалгалаган.

11 Сиондун кыздары, келгиле, таажы кийип отурган Сулайман падышаны көргүлө. Бул таажыны энеси үйлөнүү той күнү, жүрөгү кубанычка баткан күнү кийгизген».

**4-БӨЛҮМ**

1 «Оо, кандай сулуусуң, сүйгөн кызым, кандай сулуусуң! Тармал чачыңдын астындагы көзүң көгүчкөндүн көзүндөй. Чачың Гилат тоосунан түшүп келе жаткан эчкилердей.

2 Тиштериң суудан чыгып келе жаткан кыркылган койлордой, алардын ар биринин эгиз козулары бар, алардын арасында кысыр калганы жок.

3 Эрдиң кызыл тасмадай, оозуң татынакай, тармал чачтарыңдын астындагы эки бетиң экиге бөлүнгөн анардай.

4 Мойнуң Дөөттүн курал-жарактар үчүн курулган мунарасындай, ага баатырлардын миңдеген калкандары илинген.

5 Төшүң лилия гүлдөрүнүн арасында оттоп жүргөн эгиз жаш жейрендей.

6 Таң агарып, көлөкөлөр кача баштаганга чейин, мирра тоосуна, фимиам адырына барайын.

7 Бүт турпатың келишкен, сүйгөн кызым, сенде эч кандай кемчилик жок!

8 Колуктум, жүр мени менен, Лебанондон кетели! Жүр, Лебанондон кетели, Амана тоосунан, Сенир менен Хермон тоосунан, арстандардын үңкүрүнөн, илбирстердин тоосунан кеткенге шашыл!

9 Сен менин жүрөгүмдү туткундап алдың, карындашым, колуктум! Сен менин жүрөгүмдү көз карашың менен эле, мойнуңдагы шуруң менен эле туткундап алдың.

10 Оо, сенин сүйүүң теңдешсиз, карындашым, колуктум! Сенин сүйүүң шараптан таттуу, сенин аңкыган жытың бардык жыпар жыттуу заттардан жыттуу!

11 Оо колуктум, оозуңдан тартылбаган бал тамат, тилиңдин асты – бал менен сүт. Кийимиңдин аңкыган жыты Лебанондун аңкыган жытындай!

12 Карындашым, колуктум, кулпуланган баксың, бекитилген кудуксуң, мөөр басылган булаксың.

13 Сенин көчөт отургузулган багың – сонун мөмөлүү анар багы,

14 шиңгил мөмөлүү кипер бадамы, нард, заапаран, айир, дарчин, ар кыл жыпар жыттуу бак-дарактар, мирра, алой, ар кандай, эң сонун жыпар жыттуу өсүмдүктөр өскөн бак.

15 Сен бак ичиндеги булаксың – тирүү суусу бар кудуксуң, Лебанон тоосунан агып түшкөн суусуң.

16 Ойгон, түндүк шамалы, кел, түштүк шамалы! Менин багыма сок, ошондо анын жыпар жыты аңкыйт!»
«Сүйгөн жигитим өзүнүн багына келсин, анын ширин мөмөлөрүнөн жесин!»

**5-БӨЛҮМ**

1 «Мен өз багыма келдим, карындашым, колуктум. Өз миррамды жыпар жыттуу чөптөрүм менен кошо чогултуп алдым. Өзүмдүн тартыла элек балым менен кошо балымды жедим, шарабым менен сүтүмдү ичтим». «Жегиле, достор! Ичкиле, тойгула, сүйүктүүлөр!»

**Төртүнчү ыр**

2 «Мен уктап жатам, бирок жүрөгүм сергек. Эшикти черткен сүйгөн жигитимдин үнү угулуп жатат: “Эшигиңди ач, карындашым, сүйгөнүм, көгүчкөнүм, таптазам! Анткени менин башымды бүт бойдон шүүдүрүм каптады, түнкү шүүдүрүмдүн тамчыларынан тармал чачым ным болду”.

3 Мен кийимимди чечип салдым, эми аны кайра кантип киейин? Буттарымды жууп алдым, эми аларды кайра кантип булгайын?

4 Сүйгөн жигитим тешиктен колун сунду, аны көрүп, жан дүйнөм толкунданып кетти.

5 Сүйгөн жигитиме эшигимди ачайын деп, мен ордумдан турдум, колдорумдан мирра тамчылап турду. Колдорумдагы мирра кулпуга таамп жатты.

6 Сүйгөн жигитиме эшикти ачтым, бирок сүйгөн жигитим бурулуп кетип калды. Ал сүйлөп жатканда, мен үчүн жашоонун мааниси жоголду. Мен аны издедим, бирок таппай койдум, аны чакырдым, бирок ал жооп берген жок.

7 Шаарды аралап жүргөн сакчылар алдыман чыгып, мени уруп-сабап, жарадар кылышты, дубалды кайтаргандар жамынчымды сыйрып алышты.

8 Иерусалим кыздары, эгерде силер менин сүйгөн жигитиме жолугуп калсаңар, менин сүйүүдөн алсырап бара жатканымды айтабыз деп, мага ант бергиле».

9 «Аялдын сулуусу, сенин сүйгөн жигитиң башкалардын сүйүктүүлөрүнөн эмнеси менен артык? Бизге ушинтип ант бердиргидей, сенин сүйгөн жигитиң башкалардан эмнеси менен артык?»

10 «Менин сүйгөн жигитим ак жуумал, кызыл жүздүү, ал он миң эркектен артык.

11 Башы – таза алтын, чачы тармал, карганын канатындай капкара.

12 Көзү сүткө киринип, ыракаттанып отурган суу боюндагы көгүчкөндөй.

13 Бети – жыпар жыттуу гүлзар, жыпар жыттуу өсүмдүктөрдүн жөөктөрү, эриндери – лилия, суюк мирра таамп турат.

14 Колу – топаз таштары жаткырылган жумуру алтын устун, ал эми ичи – сапфир таштары бастырылган пил сөөгү.

15 Буту – алтын таканычка коюлган мармар мамы. Сырткы көрүнүшү Лебанондой, кедр жыгачындай бийик.

16 Оозу таттуу, анын бүт келбети келишкен, Иерусалим кыздары, менин сүйгөн жигитим мына ушундай, менин досум мына ушундай!»

**6-БӨЛҮМ**

1 «Аялдын сулуусу, сүйгөн жигитиң кайда кетти? Сенин сүйгөнүң кай тарапка багыт алды? Биз сени менен кошо издейли».

2 «Менин сүйгөн жигитим өзүнүн койлорун бак ичинде кайтарыш үчүн, лилия гүлдөрүн териш үчүн, өзүнүн багына, жыпар жыттуу гүлзарына кетти.

3 Мен сүйгөн жигитиме таандыкмын, ал мага таандык. Ал лилия гүлдөрүнүн арасында кой кайтарып жүрөт».

**Бешинчи ыр**

4 «Сүйгөн кызым, Тирса сымал сулуусуң! Иерусалимдей татынасың, туу көтөргөн кошуундай сүрдүүсүң!

5 Менден көзүңдү ал, анткени көздөрүң мени толкундантып жатат!

6 Чачың Гилат тоосунан түшүп келе жаткан эчкилердей. Тиштериң суудан чыгып келе жаткан койлордой. Алардын ар биринин эгиз козулары бар, алардын арасында кысыр калганы жок.

7 Тармал чачыңдын астындагы эки бетиң экиге бөлүнгөн анардай.

8 Алтымыш ханыша, сексен күң аял, сан жеткис кыз бар.

9 Бирок менин көгүчкөнүм, таптазам – теңдеши жок кыз. Ал – энесинин жалгыз кызы, төрөгөн энесинин эң сүйүктүү кызы. Кыздар аны көрүп макташты, ханышалар жана күң аялдар аны даңкташты».

10 «Таң нурундай жаркыраган, ай сыяктуу суйкайган, күн сыяктуу жарык, туу көтөргөн кошуундай сүрдүү бул ким?»

11 «Мен өрөөндөгү бак-дарактардын көгөргөнүн көрөйүн деп, жүзүм сабагы бүчүр алды бекен, анар гүлдөдү бекен деп жаңгак багына келдим.

12 Элимдин атактуу адамдарынын арабаларына жаным мени кантип алып барганын билбейм».

**7-БӨЛҮМ**

1 «Бери кара, бери кара, Шуламит, бери кара, бери кара, биз сени көрөлү». «Манайимдин ыр-бийлерин көргөнсүп, Шуламитти көрүп эмне кыласыңар?

2 Оо атактуу кыз, сандал кийген буттарың кандай сонун! Бутуңдун сулуулугу чебер устанын колунан чыккан жасалгадай!

3 Киндигиң жыпар жыттуу шарабы түгөнбөгөн тегерек чөйчөктөй. Ичиң лилия гүлдөрү менен жээктелген буудай боосундай.

4 Төшүң эки улактай, эгиз жейрендей.

5 Мойнуң пилдин сөөгүнөн жасалган мамыдай, көздөрүң Бат-Рабимдин дарбазасынын жанындагы Кешпон көлүндөй, мурдуң Дамаскты караган Лебанон мунарасындай.

6 Башың Кармел тоосундай, башыңдагы чачың кочкул кызыл жибектей. Тармал чачың падышаны өзүнө тартып турат.

7 Өзүңдүн сүйкүмдүү келбетиң менен кандай сулуусуң, кандай жагымдуусуң, сүйгөн кызым!

8 Сенин бул келбетиң курма пальмасына, төшүң жүзүм шиңгилине окшош.

9 “Пальмага чыксам, анын бутактарын кармасам”, – деп ойлодум. Төшүң мен үчүн жүзүм шиңгилиндей, таноолоруңдан чыккан жыт алманын жытындай болсун.

10 Оозуң эң сонун шараптай». «Ал түз эле досумдун оозуна агып жатат, чаңкагандарды кандырат.

11 Мен өз досума таандыкмын, анын эңсегени менмин.

12 Кел, сүйгөн жигитим, талаага чыгалы, айыл-кыштактарда түнөйлү.

13 Эртең менен жүзүмзарларга баралы, жүзүм сабактары өсүп чыктыбы, бүчүрлөрү ачылдыбы, анар гүлдөдүбү, көрөлү. Ошол жерде мен сага сүйүүмдү көрсөтөм.

14 Мандрагорлор аңкыган жытын чыгарышты, эшигибиздин алдында ар кандай сонун мөмөлөр, жаңысы да, эскиси да бар. Буларды мен сен үчүн сактадым, сүйгөн жигитим.

**8-БӨЛҮМ**

1 Оо, сен менин энемдин эмчегин эмген бир тууганым болсоң кана! Көчөдөн жолукканымда, мен сени өпкүлөмөкмүн, бирок мени айыпташмак эмес.

2 Мен сени энемдин үйүнө жетелеп келмекмин. Сен мени окутмаксың, мен болсо сага жыттуу шараптан жана өзүмдүн анар ширемден ичирмекмин.

3 Сүйгөн жигитимдин сол колу башымдын астында болсун, ал эми оң колу мени кучактап жатсын».

4 «Иерусалим кыздары! Өзү кааламайынча, сүйгөн кызымды ойготпогула, тынчын албагыла!»

**Алтынчы ыр**

5 «Өзүнүн сүйгөн жигитине жөлөнүп чөлдөн чыккан бул ким?» «Мен сени алма бактын түбүнөн ойготтум, ошол жерде сени энең төрөгөн, сени төрөгөн аял ошол жерде төрөгөн.

6 Сен мени жүрөгүңө мөөр баскандай басып ал, колуңа шакектей кылып салып ал. Анткени сүйүү өлүмдөй күчтүү, кызганыч өлгөндөр жаткан жайдай коркунучтуу, анын жебеси – оттуу жебе, ал – өтө күчтүү жалын.

7 Сүйүүнү чоң суулар да өчүрө албайт, дарыялар каптай албайт. Адам сүйүү үчүн үйүндөгү бүт байлыгын берсе, ал жек көрүнүү менен четке кагылып калмак».

8 «Биздин бир карындашыбыз бар, ал али жаш, төшү да чыга элек. Карындашыбызга жуучу түшкөндө, биз аны эмне кылабыз?

9 Эгерде ал дубал болсо, анда биз анын үстүнө күмүштөн чатырларды тикмекпиз. Эгерде ал эшик болсо, анда биз аны кедр тактайлары менен каптамакпыз».

10 «Мен дубалмын, төштөрүм мунарадай, ошондуктан мен анын көзүнө бойго жеткен кыздаймын».

11 «Сулаймандын Баал-Амон жеринде жүзүмзары бар эле. Ал бул жүзүмзарын кайтаруучуларга берген эле, ар бир кайтаруучу анын жемиши үчүн миңден күмүш жеткирип турушу керек болчу».

12 «Ал эми жүзүмзарым менин алдымда. Сулайман, миңи – сага, ал эми эки жүзү – анын жемишин кайтаргандарга».

13 «Бактардын арасында жашаган кыз! Достор үнүңдү угуп жатышат, үнүңдү мага да угуз».

14 «Чурка, сүйгөн жигитим! Бальзам тоолорундагы жейрендей же жаш бугудай бол!»

**ЫШАЙА**

**1-БӨЛҮМ**

**Кудайдын Өз элине наразы болушу**

1 Амостун уулу Ышайанын Жүйүт жана Иерусалим тууралуу Жүйүт падышалары Узиянын, Жотамдын, Ахаздын, Хискиянын тушунда көргөн көрүнүшү.

2 Асман, уккун, жер, кулак салгын, анткени Теңир сүйлөп жатат: «Мен уулдарды өстүрүп, жогору көтөрдүм, бирок алар Мага каршы чыгышты.

3 Өгүз өз ээсин билет, эшек да кожоюнунун акырын билет, Ысрайыл болсо Мени билбейт, Өз элим түшүнбөйт».

4 Оо күнөөгө баткан эл, мыйзамсыздыктын оор жүгүн тарткан эл, кылмышкерлердин тукуму, бузулган уулдар! Теңирди таштап коюшту, Ысрайылдын Ыйыгын жек көрүп, артка бурулуп кетишти.

5 Өзүнүн өжөрлүгүнөн кайтпагандар, силерди дагы кайсы жериңерге урсам болот? Ар бир баш жара, ар бир жүрөк оорулуу.

6 Анын бутунан башына чейин соо жери жок: жараат, тырык, ириңдеген жара, тазаланбаган, таңылбаган, май менен жумшартылбаган.

7 Жериңер кыйратылды, шаарларыңар өрттөлдү, талааларыңарга эккениңерди өзүңөрдүн көзүңөрчө эле башкалар жеп жатат, душмандар талкалап кеткенсип, бардыгы ээн калды.

8 Ошентип, Сион кызы жүзүмзардагы чатырдай, бактагы алачыктай, курчоодо калган шаардай болуп калды.

9 Себайот Теңир бизге бир аз калдык калтырбаганда, биз Содомдой болуп калмакпыз, Аморго окшоп калмакпыз.

10 Теңирдин сөзүн уккула, Содом төрөлөрү! Биздин Кудайдын мыйзамына кулак сал, Амор эли!

11 «Мага силердин көп курмандык чалганыңардын кереги эмне? – дейт Теңир. – Мен силердин бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка чалган койлоруңарга, борго байлап семиртилген малыңардын майына тойдум, букачарлардын да, козулардын да, улактардын да канын каалабайм.

12 Менин алдымда туруш үчүн келгениңерде, короомду тебелегиле деп, силерден ким талап кылып жатат?

13 Мага курмандыктарды алып келгениңер бекер, жыпар жыттуу зат түтөткөнүңөр Мен үчүн жийиркеничтүү. Ай жаңырган күнгө, ишемби күнгө, майрамдык жыйындарыңарга чыдай албайм, анткени мыйзамсыз иштерди кылуу менен катар эле майрамдайсыңар!

14 Силердин ай жаңырганда өткөргөн майрамдарыңарды жана башка майрамдарыңарды Менин жаным жек көрөт. Алар Мен үчүн оор жүк, аларды көтөрүү Мен үчүн оор.

15 Колуңарды сунганыңарда, силерди көрбөш үчүн, көзүмдү жумуп алам. Канчалык жалынып-жалбарсаңар да, Мен укпайм, анткени силердин колуңар канга толгон.

16 Жуунгула, тазалангыла, Менин көз алдымда жаман иштерди кылбагыла, жамандык кылганыңарды токтоткула.

17 Жакшылык кылганды үйрөнгүлө, чындыкты издегиле, эзилгендерди куткаргыла, жетимдерди коргогула, жесирлерге болушкула.

18 Ошондон кийин гана келгиле, ошондо талкуулап көрөбүз, – дейт Теңир. – Эгерде силердин күнөөлөрүңөр кыпкызыл болсо, Мен аны аппак кардай агартам. Эгерде кочкул кызыл болсо, Мен аны ак жүндөй агартам.

19 Эгерде тилимди алууну каалап, Мени уксаңар, анда жердин ырыскысынан жейсиңер.

20 Эгерде баш тартып, өжөрлөнсөңөр, анда кылычтан өлөсүңөр, анткени Теңир ушинтип айтып жатат.

21 Адилеттик өкүм сүргөн ишенимдүү шаар бузулган аялдай болуп калды! Ал шаар акыйкаттык өкүм сүрүп турган шаар эле, азыр болсо киши өлтүргүчтөрдүн шаарына айланды.

22 Күмүшүң күйүп калды, шарабың суу кошулуп бузулду.

23 Төрөлөрүң – мыйзамды бузуучулар, ууру-кескилердин шериктештери. Алардын бардыгы белек алганды жакшы көрүшөт, пара алганга умтулушат, жетимдерди коргошпойт, жесирдин арыз-муңуна кулак төшөшпөйт».

24 Ошондуктан Теңир, Себайот Теңир, Ысрайылдын Кудуреттүүсү мындай дейт: «Душмандарымды жазалоо менен Өзүмдү ыраазы кылам, душмандарымдан өч алам!

25 Сага каршы Өз колумду сунам, сени шакарга салып, бардык кошундулардан тазалайм, сенден коргошунду бөлүп салам.

26 Сага мурдагыдай кылып башкаруучуларды коём, баштагыдай кылып кеңешчилерди коём. Ошондон кийин сени “Чындыктын шаары, ишенимдүү борбор” деп аташат».

27 Сион акыйкаттык менен куткарылат, анын Кудайга кайрылган уулдары чындык менен куткарылат.

28 Ал эми баш тарткандарга жана күнөөгө баткандарга өлүм, Теңирди таштагандар да өлүп жок болушат.

29 Алар эмен токойлору үчүн уятка калышат, аларга силер аябай тартылып турчу элеңер. Силер өзүңөргө тандап алган токойчолор үчүн алар маскара болушат.

30 Анткени силер жалбырагы күбүлүп калган эмен дарагындай, суусу жок бактардай болосуңар.

31 Күчтүүсү чалдыбары чыккан кийимдей болуп калат, анын иши учкундай болот, экөө бирге күйөт, эч ким өчүрбөйт.

**2-БӨЛҮМ**

**Акыркы күндөр жөнүндө көргөн көрүнүш**

1 Амос уулу Ышайанын Жүйүт менен Иерусалим жөнүндө көргөн көрүнүшүндө айтылган сөз.

2 Акыркы күндөрү Теңир үйү турган тоо бардык тоолордун башына коюлат, бардык дөбөлөрдөн жогору көтөрүлөт, ага бүт элдер агылып келишет.

3 Көптөгөн элдер келип: «Келгиле, Теңирдин тоосуна чыгып, Жакыптын Кудайынын үйүнө кирели, Ал бизге Өз жолдорун үйрөтөт, ошондо биз Анын жолдору менен жүрөбүз. Анткени Сиондон мыйзам чыгат, Иерусалимден Теңирдин сөзү чыгат», – дешет.

4 Ошондо Ал элдерди соттойт, көп уруулардын айыбын ашкере кылат. Кылычтарын соко кылып, найзаларын орок кылып кайра согуп иштеп чыгышат. Бир эл бир элге кылыч көтөрбөйт, ошондон кийин согушууга үйрөнүшпөйт.

**Батанын алдында жаза болот**

5 Оо Жакып тукуму! Келгиле, Теңирдин жарыгында жүрөлү!

6 Бирок Сен Өз элиңди, Жакыптын тукумун, таштап койдуң, анткени алар чыгыштан көп нерсени үйрөнүп алышты. Алардын пелиштиликтердикиндей сыйкырчылары бар, алардын башка элдердин уулдары менен байланышы бар.

7 Алардын жери алтын менен күмүшкө толду, байлыгына эсеп жетпейт; алардын жери аттарга толду, арабаларына сан жетпейт.

8 Алардын жери буркандарга – колдору менен жасаган нерселерге толуп кетти, алар өз колдору менен жасаган нерселерге табынып жатышат.

9 Ошентип, адам ийилди; ошентип, адам басынды. Сен аларды кечирбейсиң.

10 Теңирдин коркунучунан жана Анын улуу даңкынан качып, аскага бар, жерге жашын.

11 Адамдын менменсинген көздөрү жер карайт, текебер адам кемсинтилет, ошол күнү Теңир гана жогору турат.

12 Анткени Себайот Теңирдин күнү бардык текеберлерге, менменсингендерге, көтөрүлгөндөргө каршы келет, ошондо алар кемсинтилишет.

13 Теңирдин күнү Лебанондун бийик, менменсинген бардык кедрлерине да, Башандын эмендерине да,

14 бардык бийик тоолорго да, бардык бийик дөбөлөргө да,

15 ар кандай бийик мунараларга да, ар кандай бекем дубалдарга да,

16 Таршыштын бардык кемелерине да, алардын суктандырган жасалгаларына да каршы келет.

17 Ошондо текебер адам кемсинтилет, менменсинген адам жер карайт, ошол күнү Теңир гана жогору турат.

18 Буркандар да таптакыр жок болот.

19 Теңир жерди кыйратканы турганда, адамдар Теңирдин коркунучунан, Анын улуу даңкынан качып, аска-зоолордун жаракаларына, жердин түпкүрүнө киришет.

20 Ошол күнү адамдар табынуу үчүн күмүштөн жана алтындан жасап алган буркандарын көр чычкандарга жана жарганаттарга ташташат.

21 Теңир жерди кыйратыш үчүн турганда, адамдар Теңирдин каарынан, Анын улуу даңкынан коркуп, аскалардын капчыгайларына, тоолордун жаракаларына качып киришет.

22 Силер таноосунда деми бар адамдан үмүт кылганыңарды койгула, адам ким?

**3-БӨЛҮМ**

**Текебердик үчүн жазалоо**

1 Теңир, Себайот Теңир, Иерусалим менен Жүйүттү койчу таягынан, бийлик таягынан, нанынан, суусунан,

2 эр жүрөк жол башчысынан, жоокеринен, башкаруучусунан, пайгамбарынан, көрөгөчүнөн, аксакалынан,

3 элүү башчысынан, төрөсүнөн, кеңешчисинен, акылдуу сүрөткеринен, сөзгө чечен адамынан ажыратат.

4 «Мен аларга жаш балдарды башчы кылам, алардын үстүнөн балдар бийлик кылышат.

5 Адамдар бири-бирин эзишет, жакыны жакынын эзет, жаштар карыларды сыйлашпайт, карапайым адам өзүн төрөдөн жогору коёт».

6 Ошондо бир тууган бир тууганына, баласы атасына жармашып: «Сенин кийимиң бар, бизге жол башчы бол, мына бул урандыларды өз колуңа ал», – деп айтат.

7 Ал болсо ант берип: «Коомдун жарасын айыктыра албайм, анткени үйүмдө нан да, кийим да жок. Мени элге жол башчы кылбагыла», – дейт.

8 Иерусалим ушинтип урады, Жүйүт ушинтип кулады, анткени алар тили менен да, иштери менен да Теңирге каршы чыгышат, Анын даңкынын көздөрүнө акарат келтиришет.

9 Алардын жүздөрү өздөрүнө каршы күбөлөндүрүп турат, алар содомдуктарга окшоп өз күнөөлөрүн ачык эле айтышат, жашырышпайт. Алардын жанына кайгы! Анткени алар өздөрүнө өздөрү кыянаттык кылышты.

10 Адил адамга жакшы болорун айтып койгула, анткени ал өз иштеринин жемишин жейт.

11 Ал эми мыйзамсызга кайгы, анткени ал өз колу менен кылган иштери үчүн жазасын алат.

12 «Элимди эзип жаткандар – балдар, элиме аялдар бийлик кылып жатышат. Элим! Сени өзүңдүн жол башчыларың адаштырып жатышат, алар сени тескери жолго салышты».

**Теңирдин Өз элин соттоосу**

13 Теңир соттоо үчүн ордунан турду, элдерди соттоо үчүн турду.

14 Теңир Өз элинин аксакалдарын жана төрөлөрүн соттой баштады: «Силер жүзүмзарды талкаладыңар, кедей-кембагалдардан талап-тоноп алганыңар үйүңөрдө турат.

15 Силер эмне үчүн Менин элимди кысымга алып, кедей-кембагалдарды эзип жатасыңар?» – дейт Теңир, Себайот Теңир.

16 Анан Теңир мындай деди: «Сиондун кыздары текебер, баштарын көтөрүп басышат, көздөрү менен азгырышат, кербездене басышат, бутундагы чынжырларын шыңгыратып басышат.

17 Ошон үчүн Теңир алардын төбөсүн жылаңачтайт, Теңир алардын абийирин ачат».

18 Ошол күнү Теңир алардын буттарындагы кооз чынжырларын, жылдызчаларын, айчаларын,

19 сыргаларын, мончокторун, чоң желпигичтерин, чач байлагычтарын, билериктерин, курларын, атырларын, сыйкырдуу тумарларын,

20 манжаларындагы, мурундарындагы шакектерин,

21 сый кийимдерин, жамынгычтарын, чапандарын, намыяндарын,

22 күзгүлөрүн, жука көйнөктөрүн, шалы жоолуктарын, жабууларын алып коёт.

23 Ошондо жыпар жыт ордуна сасык жыт, кур ордуна аркан, тармал чач ордуна такыр баш, кенен чапан ордуна тар зумбал, сулуулук ордуна так болот.

24 Эркектериң кылычтан өлөт, эр жүрөк жигиттериң согушта өлөт.

25 Борбор шаардын дарбазасы үшкүрүп ыйлайт, ал кыйрап, жерге отуруп калат.

**4-БӨЛҮМ**

1 Ошол күнү жети аял бир эркекке жабышып: «Өз наныбызды жейли, өз кийимибизди киели, болгону, сенин ысымың менен аталалы, бизден маскарачылыкты алып ташта», – дейт.

**Сионго берилген Машайак жөнүндөгү убадалар**

2 Ошол күнү Теңирдин бутагы сулуулук жана урмат менен келет, жердин жемиши Ысрайыл элинин тирүү калган уулдары үчүн улуулук жана даңк менен келет.

3 Теңир Сион кыздарынын жийиркеничтерин жууп салгандан кийин, Иерусалимдин канын анын ичинен жазалоо руху менен, оттун руху менен тазалагандан кийин,

4 Сиондо калгандар жана Иерусалимде тирүү калгандар – Иерусалимде жашаш үчүн китепке жазылгандардын баары ыйык деп аталышат.

5 Теңир Сион тоосунун бүт жерине, анын үстүндөгү бүт элдин үстүнө күндүз булут жана түтүн, түнкүсүн жалындап күйгөн оттун жаркырагын жаратат, анткени бул бардык даңктуу нерсенин үстүнө жабуу болот.

6 Күндүз аптаптан калкалай турган чатыр болот, нөшөр менен жамгырдан корголой турган, сактай турган жай болот.

**5-БӨЛҮМ**

**Жүзүмзар жөнүндө**

1 Өзүмдүн Сүйүктүүмө Сүйүктүүмдүн жүзүмзары жөнүндөгү ырын ырдап берейин. Менин Сүйүктүүмдүн жемиштүү дөңсөөнүн башында жүзүмзары бар эле.

2 Ал аны тосмо менен курчады, аны таштарынан тазалады, ага тандалган жүзүм сабактарын отургузду, ортосуна мунара тургузду, анын ичине жүзүм сыгылуучу жай казды, анан жакшы жүзүм берет деп күттү, бирок ал жапайы мөмө берди.

3 «Эми, Иерусалимдин тургундары, Жүйүттүн эркектери, жүзүмзарым экөөбүзгө калыс болгула.

4 Жүзүмзарым үчүн дагы эмне кылышым керек эле, мен ага эмнени кылбай койдум? Мен аны жакшы жүзүм берет деп күтсөм, эмне үчүн ал жапайы мөмө берди?

5 Эми Мен силерге жүзүмзарымды эмне кыларымды айтып коёюн: анын тосмосун алып салам, ошондо ал талкаланат; дубалдарын уратам, ошондо ал тебеленет.

6 Аны кароосуз калтырам, анын бутактарын кыйышпайт, түбүн тегерете казып жумшартышпайт, аны тикенек жана отоо чөп басат, анын үстүнө жамгыр төкпөгүлө деп, булуттарга буйрук берем».

7 Себайот Теңирдин жүзүмзары – Ысрайыл тукуму, Ысрайыл эркектери – Анын жакшы көргөн көчөттөрү. Ал адилеттикти күттү, бирок мына, кан төгүлүү; Ал акыйкаттыкты күттү, бирок мына, ый.

**Келе жаткан алты алаамат жөнүндө пайгамбарчылык**

8 Кайгы силерге, жерде өзүңөр эле жашап жаткансып, башкаларга жер калтырбай, үй үстүнө үй, талаа үстүнө талаа кошкондор!

9 Себайот Теңир менин кулагыма мындай деп айтты: «Ушул көп сандаган үйлөр бош калат, чоң, кооз үйлөрдө эч ким жашабай калат.

10 Жүзүмзардын он бөлүгү бир бат түшүм берет, себилген бир хомер дан араң эле бир эйфа дан берет».

11 Таң заардан күчтүү ичимдик издеп, түн киргенче шарап ичип мас болуп отургандарга кайгы!

12 Алар тойлорунда лира, арфа чертишет, дап кагышат, чоор тартышат, шарап ичишет, бирок Теңирдин иштерин карашпайт, Анын колдору кылган иштер жөнүндө ойлошпойт.

13 Ошон үчүн Менин элим күтүлбөгөн жерден туткундалып кетет, төрөлөрү ачкачылыкка дуушар болушат, байлары чаңкашат.

14 Ошон үчүн өлгөндөр жаткан жай кеңейип, оозун араандай ачты. Ал жакка алардын даңкы да, шаан-шөкөтү да, алар менен чогуу шапар тепкендер да түшөт.

15 Ошондо адам башын жерге салат, эркек моюн сунат, текеберлердин көзү жер карайт.

16 Теңир Себайот болсо сотто жогору көтөрүлөт, ыйык Кудай Өзүнүн ыйыктыгын чындык менен көрсөтөт.

17 Ошондо койлор өз эрки менен жайылат, байлардан калган оттуу жайыттарда башкалардын койлору оттошот.

18 Мыйзамсыздыкты курулай убаракерчиликтин жиби менен сүйрөп жүргөндөргө, арабаны божу менен сүйрөгөндөй, күнөөнү сүйрөп жүргөндөргө кайгы!

19 Алар мындай дешет: «Ал шашылсын, Ал Өз ишин тездетсин, биз көрөлү, Ысрайылдын ыйык Кудайынын чечими жакындасын, ишке ашсын, ошондо биз билебиз».

20 Жаманды жакшы деп, жакшыны жаман дегендерге, караңгыны жарык деп, жарыкты караңгы деп эсептегендерге, ачууну таттуу деп, таттууну ачуу деп эсептегендерге кайгы!

21 Өздөрүн акылман эсептегендерге, өзүнө өзү акылдуу көрүнгөндөргө кайгы!

22 Шарапты коркпой ичкендерге, күчтүү ичимдикти кыйын даярдагандарга кайгы!

23 Пара үчүн айыптууну актап, айыпсызга күч көрсөтүп жаткандарга кайгы!

24 Мына ошон үчүн саманды от жалмагандай, чөптү жалын жок кылгандай, алардын тамыры күйүп жок болот, алардын гүлү топурактай сапырылат. Анткени алар Себайот Теңирдин мыйзамын четке кагышты, Ысрайылдын Ыйыгынын сөзүн жек көрүштү.

25 Мына ошон үчүн Теңир Өз элине каарданып, аларга колун сунуп жазалайт, ошондо тоо солкулдап, алардын өлүктөрү көчөлөрдөгү кыктай болот. Ошондо да Анын каары кайтпайт, Анын колу сунулган бойдон тура берет.

26 Ал алыстагы элдерге туу көтөрөт, жер кыйырында жашаган элге белги берет. Мына ошондо ал оңой эле, тез эле жетип келет.

27 Анын арасында чарчаганы да, алсыраганы да болбойт, бир да адам уктабайт да үргүлөбөйт, анын белинен куру чечилбейт, бут кийиминин боосу үзүлбөйт.

28 Жаалары курчутулган, жебелери тартылган, аттарынын туяктары таштай катуу, арабалары куюндай.

29 Анын күрүлдөгөнү ургаачы арстандыкындай. Ал жаш арстандай айкырат, өкүрүп келип олжосун баса калып, алып кетет, эч ким андан олжону тартып албайт.

30 Ошол күнү ал ага күркүрөгөн деңиздей айкырат, ошондо ал жерди карайт, мына ошондо ал жерди караңгылык, кайгы каптаганын, асманда жарык өчкөнүн көрөт.

**6-БӨЛҮМ**

**Ышайанын кызматка чакырылышы**

1 Узия падыша өлгөн жылы мен бийик жана улуу тактыда отурган Теңирди көрдүм, Анын чапанынын этеги ийбадаткананы толтуруп турду.

2 Анын тегерегинде сераптар турган, ар биринин алтыдан канаты бар, ар бири эки канаты менен бетин жаап, эки канаты менен бутун жаап, эки канаты менен учат.

3 Алар биринин артынан бири: «Себайот Теңир ыйык, ыйык, ыйык! Бүт жер жүзү Анын даңкына бөлөнүп турат!» – деп жатышты.

4 Алардын катуу үнүнөн дарбазалардын кашектери титиреп, үй жыпар жыттуу заттын түтүнүнө толуп кетти.

5 Ошондо мен: «Кайгы мага! Өлдүм! Анткени мен оозу таза эмес адаммын, ошондой эле оозу таза эмес элдин арасында жашап жатам. Көздөрүм болсо Падыша Себайот Теңирди көрдү», – дедим.

6 Ошондо мага сераптардын бири учуп келди, анын колунда курмандык чалынуучу жайдан кычкач менен алган күйүп турган чок бар эле.

7 Ал чокту оозума тийгизип: «Бул чок оозуңа тийди, сенден мыйзамсыздык алынды, күнөөлөрүң тазаланды», – деди.

8 Анан мен Теңирдин мындай деп айткан үнүн уктум: «Кимди жиберейин? Биз үчүн ким барат?» Ошондо мен: «Мына мен, мени жибер», – дедим.

9 Ал мындай деди: «Бар, бул элге мындай деп айт: Кулагыңар менен угуп турасыңар, бирок түшүнбөйсүңөр, көзүңөр менен карап турасыңар, бирок көрбөйсүңөр.

10 Анткени бул элдин жүрөгүн май басып калган, кулагын жаап, көзүн жумуп алган, ошондуктан алардын көздөрү көрбөйт, кулактары укпайт, жүрөктөрү менен түшүнүшпөйт жана айыгыш үчүн Мага кайрылышпайт».

11 Ошондо мен: «Көпкө чейин ушундай болобу, Теңир?» – деп сурадым. Ал: «Шаарлар кыйрап, элсиз калганга чейин, үйлөрдө киши калбай калганга чейин, бул жер таптакыр ээн калганга чейин ушундай болот», – деп жооп берди.

12 Теңир адамдарды кууп жиберет, ошондо бул жер ээн калат.

13 Эгерде ал жерде элдин ондон бир бөлүгү кала турган болсо, ал да бүлгүнгө учурайт, бирок мисте дарагы менен эмен дарагы кыйылганда, алардын тамыры калгандай, ыйык урук анын тамыры болот.

**7-БӨЛҮМ**

**Кудайдын Ахаз падышага айттырган сөзү**

1 Узиянын уулу, Жотамдын уулу, Жүйүт падышасы Ахаздын убагында Сирия падышасы Ретсин менен Ысрайыл падышасы Ремалиянын уулу Пеках Иерусалимди басып алыш үчүн, ага каршы согуш ачышты, бирок басып ала алышкан жок.

2 Дөөттүн тукумуна: «Сириялыктар эпрайымдыктардын жерине келип жайгашышты», – деп билдиришти. Ошондо токойдогу дарактар шамалдан дирилдегендей, анын да, элинин да жүрөгү дирилдеди.

3 Ошондо Теңир Ышайага мындай деди: «Сен уулуң Шейар-Жашуп менен жуугучтун талаасына кеткен жолдогу жогорку көлмөнүн суу түтүгүнүн аягынан Ахазды тосуп чыгып,

4 ага мындай дегин: Сак бол, тынчсызданба, ушул түтөгөн чычалалардын эки учунан – Ретсиндин, сириялыктардын жана Ремалиянын уулунун жалындаган каарынан үрөйүң учпасын, жүрөгүң түшпөсүн.

5 Сирия, Эпрайым жана Ремалия уулу сага каршы жамандык ойлоп, мындай деп жатышат:

6 “Жүйүткө барып, бүлгүн салып, басып алалы, ал жерге Табейалдын уулун падыша кылып коёлу”.

7 Бирок Теңир мындай дейт: “Бул оюңар ишке ашпайт жана ордунан чыкпайт.

8 Анткени Сириянын борбору – Дамаск, ал эми Дамасктын башчысы – Ретсин. Бирок алтымыш беш жылдан кийин эпрайымдыктар эл болуудан калат.

9 Эпрайымдыктардын борбору – Самария, ал эми Самариянын башчысы – Ремалия уулу. Эгерде ишенбесеңер, анда туруштук бере албайсыңар”».

10 Теңир Ахазга сүйлөгөнүн улантып, мындай деди:

11 «Кудай-Теңириңден өзүңө жышаан сура. Жышаанды түпкүрдөн же жогорудан көрсөтүүсүн сура».

12 Ахаз болсо: «Сурабайм, Теңирди сынабайм», – деди.

13 Ошондо Ышайа мындай деди: «Дөөттүн тукуму, уксаңар боло! Адамдарды кыйнаганыңар аз келгенсип, менин Кудайымды да кыйнагыңар барбы?

**Кудайдын жышааны: Эмануел**

14 Ошон үчүн силерге Теңир Өзү аян берет: Кыз кош бойлуу болуп, Уул төрөйт, Ага Эмануел деген ат коюшат.

15 Ал жаман нерсени четке кагууну, жакшы нерсени тандап алууну түшүнгөнгө чейин, сүт жана бал менен тамактанат.

16 Анткени ал бала жаман нерсени четке кагууну, жакшы нерсени тандап алууну түшүнгөнгө чейин, сен корккон ал жерди өзүнүн эки падышасы калтырып кетет.

**Жүйүткө коркунуч туудурган кол салуулар жөнүндө алдын ала айтуу**

17 Бирок Теңир сенин башыңа, элиңдин башына, атаңдын тукумунун башына Эпрайым Жүйүттөн бөлүнгөндөн бери болуп көрбөгөн күндөрдү салат, Ашур падышасын алып келет».

18 Ошол күнү мындай болот: Теңир Мисир дарыясынын куймасындагы чымынга жана Ашур жериндеги аарыга белги берет.

19 Алар учуп келип, ээн калган өрөөндөргө, аскалардын жаракаларына, тикенектүү бадалдарга, бак-дарактарга конушат.

20 Ошол күнү Теңир дарыянын аркы өйүзүндөгү жалданган устара менен – Ашур падышасы менен чачыңарды, бутуңардагы түгүңөрдү кырат, атүгүл, сакалыңарды алат.

21 Ошол күнү мындай болот: бир кунажын, эки кой баккан адам

22 алардын берген сүтүнүн молдугунан май жейт. Ушул жерде калгандардын бардыгы май жана бал менен азыктанышат.

23 Ошол күнү мындай болот: миң күмүш тыйын турган миң жүзүм сабагы өскөн жерлердин баарын коко тикендер, тикенектүү бадалдар каптайт.

24 Ал жерге жаа менен, жебе менен барышат, анткени бардык жерди коко тикен, тикенектүү бадал каптайт.

25 Ошондо коко тикен менен тикенектүү бадалдан коркуп, соко менен тазаланган тоолордун бирине да барбайсың. Ал жакка өгүздөрдү айдап жиберишет, ал жерлерди койлор тебелейт.

**8-БӨЛҮМ**

1 Теңир мага: «Бир чоң түрмөк кагаз ал, ага адамдар жазган жазуу менен “Майер-Шалал-Хаш-Бас”деп жаз», – деп айтты.

2 Ошондо мен жаныма ишенимдүү күбөлөрдү: ыйык кызмат кылуучу Урий менен Жеберехия уулу Захарияны алдым.

3 Анан пайгамбар аялга келдим, ал кош бойлуу болуп, уул төрөдү. Теңир мага: «Баланын атын Майер-Шалал-Хаш-Бас деп кой деди.

4 Анткени бул бала “ата”, “апа” деп айта алганга чейин, Дамасктын байлыгы менен Самариянын олжолорун Ашур падышасынын алдына көтөрүп барышат».

**Ашур падышасынын кол салышы**

5 Теңир мага сүйлөгөнүн улантып, дагы мындай деди:

6 «Бул эл жай аккан Шилоахтын сууларын барктабай, Ретсинге жана Ремалиянын уулуна суктанганы үчүн,

7 Теңир бул элге буркан-шаркан түшүп аккан чоң дарыяны – Ашур падышасын бүт атак-даңкы менен каптатат. Ошондо ал өзүнүн нугунан көтөрүлүп, жээктеринен ашып-ташыйт.

8 Анан ал бүт Жүйүт жерине кирип, аны каптап, жогору көтөрүлүп, мойнуна чейин жетет. Алардын жайылган канаты Сенин жергеңдин бир четинен экинчи четине чейин жетет, Эмануел!»

9 Жоолашкыла, элдер, бирок титирегиле, уккула, бүт алыскы жерлер! Куралдангыла, бирок титирегиле, куралдангыла, бирок титирегиле!

10 Согуш планын түзө бергиле, бирок аныңар бузулат, чечим чыгара бергиле, бирок аныңар жүзөгө ашпайт, анткени Кудай биз менен!

**Мүдүрүлтө турган таш**

11 Анткени Теңир Өзүнүн күчтүү колун менин үстүмө коюп, бул элдин жолу менен жүрбө деп эскертип, мындай деди:

12 «Бул эл чыккынчылык деп эсептегендин баарын эле чыккынчылык деп эсептей бербегиле. Бул эл корккон нерседен коркпогула да үрөйүңөрдү учурбагыла.

13 Себайот Теңирди, Аны, ыйык туткула, Ал силердин коркунучуңар, Ал силердин титирөөңөр!

14 Ал Ысрайылдын эки уруусу үчүн ыйык жай, мүдүрүлтө турган таш, азгыруучу аска болот. Иерусалимде жашагандар үчүн сыйыртмак, жайылган тор болот.

15 Алардын көбү мүдүрүлөт, жыгылат, талкаланат, жайылган торго чалынат жана колго түшөт.

**Теңирге таянуу жөнүндөгү буйрук**

16 Күбөлөндүрүүнү сакта, Менин шакирттеримдин көзүнчө мыйзамга мөөр бас».

17 Мен Жакыптын тукумунан Өз жүзүн жашырган Теңирге ишенем, Андан үмүт кылам.

18 Мына, мен жана Кудай берген менин балдарым: биз Сион тоосунда жашаган Себайот Теңирдин Ысрайылга берген аяны жана белгиси болобуз.

19 Силерге: «Өлгөндөрдү чакыргандарга, сыйкырчыларга, күбүрөп-шыбырагандарга жана ичинен сүйлөгөндөргө кайрылгыла», – дешкенде, силер: «Эл өз Кудайына кайрылууга тийиш эмеспи? Өлгөндөрдөн тирүүлөр жөнүндө сурамак беле?» – деп жооп бергиле.

20 Мыйзам менен күбөлөндүрүүгө кайрылгыла. Эгерде алар бул сөздү айтпаса, анда аларда жарык жок.

21 Алар жер үстүндө аёосуз эзилип, ач-жылаңач тентишет жана ачкачылык учурунда ачууланышып, өз падышасы менен өз Кудайына акарат келтиришет.

22 Асманга көз чаптырышат, жерди карашат: кайгы жана караңгылык, коюу караңгылык, алар караңгылыкка кулатылат. Бирок азыр коюу караңгылык каптаган жерде дайыма эле караңгылык боло бербейт.

**9-БӨЛҮМ**

**Келе жаткан Падыша**

1 Мурунку мезгилде Забулун жери менен Напталы жери басынтылган. Бирок кийинки мезгилде деңиз жээктеп кеткен жол, Иордандын аркы өйүзүндөгү өлкө, бутпарас эл жашаган Галилея көтөрүлөт.

2 Караңгыда жүргөн эл улуу жарыкты көрөт. Өлүм көлөкөсү өкүм сүргөн өлкөдө жашагандардын үстүнө жарык жаркырайт.

3 Сен элди көбөйтөсүң, кубанычын арттырасың, ал эл оруу-жыйнoу учурунда кубангандай, олжо бөлүшкөндө сүйүнгөндөй, Сенин алдыңда кубанат.

4 Анткени Сен аны эзген моюнтурукту, аны урган таякты, анын эзүүчүсүнүн камчысын Мидианды талкалагандай талкалайсың.

5 Анткени жоокердин согуш учурунда кийген бут кийими менен үстүндөгү канга чыланган кийими отко ыргытылып өрттөлөт.

6 Анткени бизге наристе төрөлдү, бизге Уул берилди. Бийлик кылуу Анын ийнинде, Ага: Кереметтүү, Кеңешчи, Күчтүү Кудай, Түбөлүктүн Атасы, Тынчтыктын Төрөсү деген ат коюлат.

7 Ал Өзүнүн падышачылыгын адилеттик менен, чындык менен бүгүнкү күндөн тартып түбөлүккө бекитиши жана бекемдеши үчүн, Дөөттүн тагында жана анын падышачылыгында Анын бийлиги жана тынчтык чексиз өсөт. Муну Себайот Теңирдин кызганычы ишке ашырат.

**Текебер Самариянын жазаланышы**

8 Теңир Жакыпка каршы сөз жиберди, ал сөз Ысрайылга түшөт.

9 Бул жөнүндө бүт эл, Эпрайым жана Самариянын тургундары билип калышат, алар текебердүүлүк менен, менменсинген жүрөк менен минтип айтып жатышат:

10 «Кыштар кулап калды, бирок биз жылмаланган таштардан тургузабыз. Тыт дарактары кыйылып калды, бирок биз аларды кедр дарактарына алмаштырабыз».

11 Бирок Теңир ага каршы Ретсиндин душмандарын көтөрөт, анын жоолорун куралдандырат:

12 чыгыштан сириялыктарды, батыштан пелиштиликтерди көтөрөт, алар Ысрайылды ач көздүк менен жешет. Ошондо да Теңирдин каары кайтпайт, Анын колу сунулган бойдон тура берет.

13 Бирок эл өзүн Уруп Жатканга кайрылбай жатат, Теңир Себайотту издебей жатат.

14 Ошон үчүн Теңир Ысрайылдын башы менен куйругун, пальма менен камышты бир күндө кесет:

15 аксакал менен атактуу адам – башы, ал эми жалган пайгамбар – куйругу.

16 Бул элдин жол башчылары аны тескери жолго салышат, алардын жетегинде жүргөндөр кыйрашат.

17 Ошондуктан анын жаш уландарына Теңир кубанбайт, алардын жетимдерине да, жесирлерине да ырайым кылбайт, анткени алардын баары – эки жүздүү жана кылмышкер, бардыгы жийиркеничтүү сөздөрдү сүйлөшөт. Ошондо да Анын каары басылбайт, Анын колу сунулган бойдон тура берет.

18 Анткени мыйзамсыздык оттой жалындап күйүп, коко тикенди да, тикенектүү бадалды да жалмап жатат, чытырман токойдо от алоолонуп, уюлгуган түтүн асманга көтөрүлүп жатат.

19 Себайот Теңирдин каары жерди куйкалайт, эл отко жем болот. Адам өз бир тууганын аябайт.

20 Алар оң тарабындагысын да жутушат, бирок ачка бойдон калышат, сол тарабындагысын да жешет, бирок тоюшпайт. Ар кимиси өз булчуң этин жейт.

21 Менаше Эпрайымды жейт, Эпрайым Менашени жейт, экөө биригип Жүйүттү жейт. Ошондо да Анын каары кайтпайт, Анын колу сунулган бойдон тура берет.

**10-БӨЛҮМ**

1 «Адилетсиз мыйзам чыгаргандарга, ырайымсыз чечимдерди жазгандарга кайгы!

2 Анткени алар бей-бечараларды акыйкаттыктан четтетишет, Менин элимдин ичиндеги жакырларды укугунан ажыратышат, жесирлерди өздөрүнө олжо кылышат, жетимдерди талап-тоношот.

3 Алыстан бүлгүн келип, жазалана турган күн келгенде, силер эмне кыласыңар? Кимге жардам сурап кайрыласыңар? Байлыгыңарды кайда калтырасыңар?

4 Менсиз силер туткундардын арасында бүкүрөйүп каласыңар, өлтүрүлгөндөрдүн арасына кулайсыңар». Ошондо да Анын каары кайтпайт, Анын колу сунулган бойдон тура берет.

**Ашур – Кудайдын жазалоочу куралы**

5 «Оо Ашур, Менин каарымдын таягы! Анын колундагы таяк Менин каарым!

6 Мен аны кудайсыз элге каршы жана Мени каарданткан элге каршы жиберем. Мен ага ошол элди талап-тоноону, олжолоону жана көчөдөгү баткактай тебелеп-тепсөөнү буйрук кылам.

7 Бирок ал мындай деп ойлобойт, анын жүрөгү башканы ойлойт, анын жүрөгүндө – бир топ элдерди кыйратуу, жок кылуу.

8 Анткени ал мындай дейт: "Падышалардын баары Менин төрөлөрүм эмес бекен?

9 Кално Каркемиштей эмес бекен? Хамат Арпаттай эмес бекен? Самария Дамасктай эмес бекен?

10 Менин колум буркандары Иерусалим менен Самарияныкына караганда көп болгон бутпарас падышачылыктарды ээлеп алды.

11 Анан мен Самарияга жана анын буркандарына кылганымды Иерусалимге жана анын жасалма кудайларына кылбай коймок белем?"»

12 Теңир Өзүнүн бардык иштерин Сион тоосунда жана Иерусалимде бүтүргөндөн кийин: «Ашур падышасынын текебер жүрөгү жеткен ийгиликти жана жогору караган көздөрүнүн менменсингендигин көрөм», – дейт.

13 Ал: «Мен муну өз колумдун күчү менен, өз даанышмандыгым менен кылдым, анткени мен акылдуумун. Элдердин чек арасын жылдырып жатам, алардын казына-байлыктарын талап-тоноп жатам, дөөдөй болуп тактарынан кулатып жатам.

14 Менин колум элдердин байлыктарын уяны тартып алгандай тартып алды. Уяларда калган жумурткаларды алгандай, мен бүт жерди тартып алдым, эч ким канатын кыймылдаткан жок, эч ким ооз ачкан жок, эч ким кыңк эткен жок», – деп жатат.

15 Балта өзү менен чаап жатканга кыйынсынмак беле? Араа өзү менен араалап жатканга менменсинмек беле? Союл өзүн көтөрүп жатканга каршы чыккансыйт! Таяк жыгач эмеске каршы көтөрүлгөнсүйт!

16 Ошон үчүн Эгедер, Себайот Теңир, анын семиздерин арыктатат, анын атактууларынын арасында оттун жалынындай жалын чыгарат.

17 Ысрайылдын Жарыгы от болуп, анын Ыйыгы жалын болуп, коко тикендери менен тикенектерин бир күндө жалмап,

18 атактуу токою менен багын түп-тамыры менен жок кылат. Ошондо ал алсырап өлүп бара жаткан адамдай болот.

19 Анын токоюнда дарактар ушунчалык аз калгандыктан, аларды жаш бала да эсептеп чыга алат.

**Ысрайылдын калдыгынын Кудайга кайрылары жөнүндө**

20 Ошол күнү мындай болот: Ысрайылдын калдыгы, Жакыптын тукумунун аман калгандары, өздөрүн өлтүрүп жаткандарга таянбай калышат, тескерисинче, алар Ысрайылдын ыйык Теңирине чын жүрөктөн таянышат.

21 Калдык кайрылат, Жакыптын калдыгы, кудуреттүү Кудайга кайрылат.

22 Анткени Сенин элиң, Ысрайыл, деңиздин түгөнгүс кумундай болсо да, калдыгы гана кайрылат. Жок кылуу чечими чыкты, ал акыйкаттыкка толгон.

23 Анткени жок кылуу чечимин Себайот Кудай-Теңир бүт өлкөдө ишке ашырат.

**Ашурдун жазаланары жөнүндө**

24 Ошондуктан Эгедер, Себайот Теңир, мындай дейт: «Сиондо жашаган Менин элим, Ашурдан коркпо! Ал сени таяк менен чабат, Мисирдей болуп сага союлун көтөрөт.

25 Дагы бир аздан кийин, бир аз эле убакыттан кийин Менин сага каршы каарым кайтат, Менин жаалым аларды кырууга бурулат».

26 Сур-Орейип аскасынын жанында мидиандыктарды кыйраткандагыдай, Себайот Теңир ага камчы көтөрөт же Өзүнүн таягын деңизге көтөрүп, мисирликтерди чөктүргөндөй чөктүрөт.

27 Ошол күнү мындай болот: ийниңен анын жүгү алынат, мойнуңан анын моюнтуругу алынат, семиздиктен моюнтурук талкаланат.

**Бутпарастардын кол салары жөнүндө**

28 Ал Айатка бара жатат, Мигрон аркылуу өтүп бара жатат, азык-түлүгүн Мукмаска жыйнап жатат.

29 Тар жерлерден өтүштү, Гебада түнөштү, Рама солкулдады, Шабулдун Гибасы туш-тушка качты.

30 Галим кызы, улуп-уңшуп ыйла! Сени Лаиш уксун, бактысыз Анатот!

31 Мадмейна туш-тушка качып кетти, Гейбимде жашагандар качканга шашылып жатышат.

32 Ал дагы бир күн Нопто турат. Ал өзүнүн колу менен Сион тоосун, Иерусалим дөңсөөсүн коркутуп жатат.

33 Мына, Эгедер, Себайот Теңир, коркунучтуу күч менен бак-дарактардын бутактарын жулат, бою менен мактангандар кыйылат, бийик өскөндөрү жерге кулатылат.

34 Токойлордун калың жерлерин темир менен кыят, Лебанон Кудуреттүүнүн колунан кулайт.

**11-БӨЛҮМ**

**Эмануелдин падышачылыгы**

1 Жышайдын тамырынан бутак чыгат, анын тамырынан жаш бутак өсүп чыгат.

2 Анын үстүнө Теңирдин Руху, даанышмандык жана акылмандык руху, кеңеш жана күч руху, билим жана Теңирден коркуу руху түшөт.

3 Ал Теңирден коркуу рухуна толот, Өзүнүн көзү менен көргөнү боюнча соттобойт, Өзүнүн кулагы менен укканы боюнча иш чечпейт.

4 Ал алсыздарды адилеттик менен соттойт, жерде азап чеккендердин ишин акыйкаттык менен чечет. Ал оозунун таягы менен жерди кыйратат, оозунун руху менен мыйзамсызды өлтүрөт.

5 Чындык Анын ичинин курчоосу болот, акыйкаттык Анын белиндеги куру болот.

6 Ошондо карышкыр козу менен бирге жашайт, илбирс улак менен бирге жатат. Музоо, жаш арстан, өгүз бирге болушат, алардын баарын жаш бала жетелейт.

7 Уй ургаачы аюу менен бирге жайылып жүрөт, алардын балдары да бирге жатышат. Арстан өгүздөй болуп чөп жейт.

8 Эмчектеги наристе уулуу жыландын ийнинин үстүндө ойнойт, эмчектен чыккан бала жыландын ийнине колун салат.

9 Менин ыйык тоомдун бүт жеринде жамандык кылышпайт, зыян келтиришпейт, анткени деңиз сууга толгонсуп, жер Кудайдын билимине толот.

**Машайак жана Ысрайылдын калыбына келтирилиши**

10 Ошол күнү мындай болот: элдер үчүн белги боло турган Жышайдын тамырына бутпарас элдер кайрылышат, анын даңкы тынчтык болот.

11 Ошол күнү мындай болот: Ашурда, Мисирде, Патросто, Кушта, Эйламда, Шинарда, Хаматта жана деңиз аралдарында калган Өз элинин калдыгын кайрып келиш үчүн, Теңир кайрадан колун сунат.

12 Теңир ал бутпарас элдерге белги берип, Ысрайылдын куулуп кеткендерин чогултат, Жүйүттүн чачырап кеткендерин төгөрөктүн төрт бурчунан чакырып алат.

13 Эпрайымдын көз артуусу жоголот, Жүйүткө каршы кастык кылгандар кырылат. Эпрайым Жүйүткө көз артпай калат, Жүйүт да Эпрайымга кысым көрсөтпөй калат.

14 Алар пелиштиликтердин жонуна минип, батышка учуп барышат, чыгыштын бүт уулдарын талап-тоношот. Эдом менен Маапка кол салышат, Амондун уулдары алардын кол астына өтөт.

15 Анан Теңир Мисир деңизинин булуңун кургатат, Өзүнүн колун сунуп, Өзүнүн катуу шамалы менен аны жети өзөнгө бөлөт, ошондо андан сандалын чечпей өтө алышат.

16 Ошондо Ысрайыл эли үчүн Мисир жеринен чыккан күнү чоң жол салынгандай, Ашурда калган Өз элинин калдыгы үчүн чоң жол салынат.

**12-БӨЛҮМ**

**Куткарылгандардын Кудайды даңктаган ыры**

1 Ошол күнү сен мындай деп айтасың: «Даңктайм Сени, Теңир! Сен мага каардандың, бирок каарыңды басып, мени соороттуң!

2 Кудай менин куткарылуум, Ага таянам, ошондуктан коркпойм. Анткени менин күчүм да, ырым да – Кудай-Теңир, Ал менин Куткаруучум болду».

3 Куткаруу булагынан кубаныч менен суу сузуп аласыңар.

4 Ошол күнү мындай деп айтасыңар: «Теңирди даңктагыла, Анын ысымын чакыргыла! Анын иштери жөнүндө элдерге кабарлагыла, Анын ысымы улуу экенин эскерткиле!

5 Теңирди даңктап ырдагыла, анткени Ал улуу иш жасады, муну бүт жер жүзү билсин!»

6 Кубан, шаттан, Сион тургуну, анткени силердин араңардагы Ысрайылдын Ыйыгы улуу!

**13-БӨЛҮМ**

**Бабыл жөнүндөгү пайгамбарчылык**

1 Бабыл тууралуу Амос уулу Ышайанын пайгамбарчылыгы:

2 «Токою жок тоонун үстүндө туу көтөргүлө, катуу кыйкыргыла. Аларга кол булгагыла, алар төрөлөрдүн дарбазаларына киришсин.

3 Мен Өзүмдүн тандалгандарыма буйрук берип, Өзүмдүн бүт каарымды төгүш үчүн, Менин улуулугума кубанып жаткан күчтүүлөрүмдү чакырдым».

4 Тоолордон чыккан ызы-чуу көп сандаган элдин, падышачылыктардын жана чогулган элдердин козголоңдуу ызы-чуусуна окшош. Себайот Теңир согуш аскерлерин карап турат.

5 Бүт жерди кыйратыш үчүн, эң алыскы өлкөлөрдөн, асмандын эң четинен Теңир жана Анын каарынын куралы келе жатат.

6 Ыйлагыла, анткени Теңирдин күнү жакын калды, ал Кудуреттүүнүн кыйратуучу күчү катарында келе жатат!

7 Ошондуктан бардыгынын колдору шалдайды, бардык адамдардын жүрөгү суу жүрөк болуп калды.

8 Алардын үрөйү учуп, калтырап, онтоп жатышат, төрөп жаткан аялдай кыйналып жатышат, бири-бирин таң калуу менен карашат, жүздөрү оттой жанат.

9 Мына, жерди чөлгө айлантыш үчүн, андагы күнөөкөрлөрдү кырыш үчүн, ачууга, жалындаган каарга толгон Теңирдин ырайымсыз күнү келе жатат.

10 Асмандагы жылдыздар, топ жылдыздар өз жарыгын бербей калат, күн чыгары менен өчөт, ай өз жарыгын чачпай калат.

11 «Мен дүйнөнү жаман иштери үчүн, мыйзамсыздарды мыйзамсыздыктары үчүн жазалайм. Текеберлердин акылдуусунганын токтотом, эзүүчүлөрдүн менменсингендигин басам.

12 Адамдарды таза алтындан кымбат кылам, эркектерди Опирдин таза алтынынан кымбат кылам.

13 Ал үчүн асманды солкулдатам, жер Себайот Теңирдин ачуусунан Анын каары жалындаган күнү ордунан жылат».

14 Ошондо ар бир адам аңчыдан качкан жейрендей жана ээси таштап кеткен койлордой болуп өз элине кайрылат, ар бир адам өз жерине качып барат.

15 Бирок колго түшкөн адам жебеге сайылат, кармалган адам кылычтан өлөт.

16 Алардын көз алдында наристелерин өлтүрүшөт, үйлөрүн талап-тоношот, аялдарынын абийирин төгүшөт.

17 «Мына, Мен аларга каршы күмүштү баалабаган, алтынга кызыкпаган мадайлыктарды көтөрөм».

18 Алардын жаалары уландарды өлтүрөт, боюнда бар аялдарды аябайт. Алардын көздөрү жаш балдарга боор оорубайт.

19 Ошентип, падышачылыктардын көркү, каздимдердин сыймыгы болгон Бабылды Кудай Содом менен Амордой кылып кулатат.

20 Ал жерге эч ким эч качан көчүп барбайт, ал жерде түбөлүккө эч ким жашабайт. Ал жерге аравиялык адам чатырын тикпейт, ал жерге койчулар койлорун жайышпайт.

21 Бирок ал жерде чөл жырткычтары жашайт, алардын үйлөрүнө үкүлөр толот, төө куштар уя салышат, жапайы текелер секирип жүрөт.

22 Алардын падыша сарайларында чөөлөр, көңүл ачуучу үйлөрүндө карышкырлар улуйт.

## 14-БӨЛҮМ

### Ысрайылдын туткундан кайтып келери жөнүндө

1 Анын мезгили жакын калды, анын күндөрү кечикпейт. Анткени Теңир Жакыпка ырайым кылат, Ысрайылды кайрадан тандап алат. Аларды өз жерине көчүрөт, ошондо аларга чет жерликтер кошулат, Жакыпка жабышышат.

2 Элдер аларды өз жерине алып келишет, Ысрайыл аларды өзүнө Теңирдин жеринде кул жана күң кылып алат, аларды туткундап алгандарды туткундап алат, аларды эзгендердин үстүнөн бийлик кылат.

### Бабыл падышасын жеңгендеги жеңиш ыры

3 Теңир сени кайгыдан, коркунучтан, сени кулга айландырган оор эзүүдөн куткарып, сага тынчтык берген күнү

4 сен Бабыл падышасы жөнүндө мындай деп жеңиш ырын ырдайсың: «Эзүүчү жок болору менен талап-тоноочулук жок болду».

5 Теңир мыйзамсыздардын союлун, өкүмдарлардын бийлик таягын сындырды.

6 Ал таяк жаалданып, өзүнүн токтотулбас соккулары менен элдерди кырган, каарданып, ээ-жаа бербеген куугунтук менен урууларга үстөмдүк кылган.

7 Бүт жер эс алып, тынч жатат, кубанычтан кыйкырып жатат.

8 Сенин кулаганыңа кипаристер да, лебанон кедрлери да: «Сен уктап калгандан бери бизди кыйганы эч ким келген жок», – деп кубанып жатышат.

9 Сен үчүн, сени кирип бара жатканда тосуп алыш үчүн, түпкүрдөгү өлгөндөр жаткан жай кыймылга келди. Сен үчүн өлгөндөрдү, жер жүзүнүн бардык жол башчыларын ойготту, бутпарас элдердин бардык падышаларын тагынан тургузду.

10 Алардын бардыгы сага: «Сен да биз сыяктуу алсыз болуп калдың! Сен да бизге окшоп калдың!» – дешет.

11 Сенин сыймыгың арфаңдын үнү менен кошо өлгөндөр жаткан жайга түшүрүлдү. Астыңа курттар төшөлдү, үстүңдөгү жабууң да курт болду.

12 Таң жылдызы, таң уулу, сен асмандан кандай куладың! Элдерди тебелеп-тепсөөчү, сен жерге кулап түшүп, кандай талкаландың!

13 Бирок сен өз жүрөгүңдө мындай деп айттың эле: «Асманга чыгып, тагымды Кудайдын жылдыздарынан жогору коём, тоодо, сансыз кудайлардын арасында, түндүктүн четинде отурам.

14 Булуттардын үстүнө чыгам, Бардыгынан Жогору Тургандын өзүнө окшоп калам».

15 Бирок сен өлгөндөр жаткан жайга, түпкүрдүн түбүнө түшүрүлдүң.

16 Сени көргөндөр сенден көзүн албай, сен жөнүндө минтип ойлошот: «Жерди солкулдатып, падышачылыктарды титиреткен киши ушул беле?

17 Ааламды чөлгө айланткан, анын шаарларын кыйраткан, өзүнүн туткундарын үйүнө коё бербеген киши ушул беле?»

18 Элдердин бардык падышалары, бардыгы урмат-сый менен өз күмбөздөрүндө жатышат.

19 Сен болсо өзүңдүн күмбөзүңдөн жарабаган бутактай болуп ыргытылдың, кылычтан өлгөндөрдүн кийиминдей болуп таш чуңкурга коюлдуң, сен тебеленген өлүктөй болдуң!

20 Сен аларга мүрзөдө кошулбайсың, анткени сен өз жериңди талкаладың, өз элиңди кырдың: мыйзамсыздык кылгандардын тукуму кылымдар бою эскерилбейт.

21 Атасынын мыйзамсыздыгы үчүн уулдарын сойгонго даярдагыла, алар көтөрүлүп чыгып, жерди ээлеп алып, ааламды душмандарга толтуруп жиберишпесин.

**Бабылдын жана Ашурдун кулары жөнүндө**

22 «Аларга Мен каршы чыгам, – дейт Себайот Теңир, – Бабылдын ысымын жана калдыкты, уулун да, небересин да жок кылам, – дейт Теңир.

23 Аны кирпилерге мурас кылып берем, саз кылам, аны кыйратуучу шыпыргы менен шыпырып салам», – дейт Себайот Теңир.

24 Себайот Теңир мындай деп ант берип жатат: «Мен кандай ойлосом, ошондой болот; Мен кандай чечсем, ошондой аткарылат.

25 Ашурду Өзүмдүн жеримде талкалайм, аны Өзүмдүн тоолорумда тебелейм, ошондо алардын мойнунан анын моюнтуругу түшөт, алардын ийининен анын жүгү алынат».

26 Бүт жер жүзү жөнүндө чечилген чечим ушундай, бардык элдерге сунулган кол ушул!

27 Анткени Себайот Теңир чечти, аны ким жокко чыгара алат? Анын колу сунулуу, ким аны тарта алат?

**Пелишти жеринин кыйратылары жөнүндө**

28 Ахаз падыша өлгөн жылы мындай пайгамбарчылык сөз болгон:

29 «Пелиштиликтердин жери, сени кыйраткан таяктын талкаланганына кубанба, анткени жылан тукумунан уулуу жылан чыгат, анын тукуму учуп жүрүүчү ажыдаар болот.

30 Ошондо кедейлер тоюшат, жакырлар коопсуз жатышат, ал эми сенин тукумуңду ачарчылык менен кырам, ал сенин калдыгыңды жок кылат.

31 Дарбазалар, ыйлагыла! Шаар, улуп-уңшуп ыйла! Бүт Пелишти жери, сен кыйрайсың, анткени түндүктөн түтүн каптап келе жатат, алардын аскерлеринин арасында артта калганы жок».

32 Элдин кабарчылары эмне дешет болду экен? Алар: «Теңир Сионду бекемдеди, ал жерден Анын элинин жакырлары баш паана табышат», – дешет.

**15-БӨЛҮМ**

**Мааптын кыйратылары жөнүндө**

1 Маап жөнүндө пайгамбарчылык: Чынында эле, түн ичинде Ар-Маап талкаланып жок болот. Чынында эле, түн ичинде Кир-Маап талкаланып жок болот!

2 Ал ыйлаш үчүн Байыт менен Дибонго чыгып бара жатат, бутканага чыгып бара жатат. Маап Небо менен Мейдеба үчүн боздоп ыйлап жатат. Алардын бардыгынын чачы кырылган, бардыгынын сакалы алынган.

3 Анын көчөлөрүндө зумбал кийип жүрүшөт, анын үйлөрүнүн үстүндө, аянттарында бардыгы боздоп ыйлап, көз жашын көлдөтүп жатышат.

4 Кешпон да, Элалей да боздоп ыйлап жатат. Алардын үнү Жааска чейин угулуп жатат. Алардын артынан Мааптын жоокерлери да боздоп ыйлап жатышат. Ал коркунучтан титиреп жатат.

5 Жүрөгүм Маап үчүн боздоп ыйлап жатат. Анын качкындары Соарга, үчүнчү Эглатка качып жатышат. Лухитке ыйлап чыгып бара жатышат, Хоронайымга бараткан жолдо катуу кыйкырып бара жатышат.

6 Анткени Нимримдин суулары соолуду, шалбаалар куурады, чөптөр күйүп кетти, өсүмдүктөр жок калды.

7 Ошондуктан алар өздөрүнүн жыйнаган байлыгын, өздөрүнүн жыйган-тергенин Аравия дарыясынын аркы өйүзүнө ташып жатышат.

8 Анткени Мааптын бүткүл аймагын ый басты. Анын ыйы Эглайымга чейин, Бейир-Эйлимге чейин жетип жатат.

9 Анткени Димондун суулары канга толду, анткени Мен Димонго дагы жаңы мүшкүл салам. Мааптын качып чыккандарына да, өлкөдө калгандарына да арстандарды жиберем.

**16-БӨЛҮМ**

**Мааптын үмүтсүз абалы**

1 Козуларды Селадан чөл аркылуу жер ээсине, Сион кызынын тоосуна жибергиле.

2 Анткени Маап кыздары Арнон кечүүлөрүндө уясынан түшүп калып адашкан куштай болушат.

3 Кеңеш түз, чечим чыгар. Чак түштө бизди өз көлөкөң менен түн ичиндегидей калкала, куугунтукта жүргөндөрдү жашыр, тентип жүргөндөрдү кармап бербе.

4 Менин куугунтукта жүргөн мааптыктарым сеникинде жашай турушсун, талоончулардан качкан аларга баш паана бол, анткени эзүүчү жок болот, талап-тоноо токтойт, тебелеп-тепсегендер жер үстүнөн жок болушат.

5 Ошондо падыша тагы ырайымдуулук менен бекемделет, ага Дөөттүн тукумунан чындыкты издеген, адилеттикке умтулган башкаруучу чындыктын негизинде отурат.

6 Биз Мааптын текебердиги жөнүндө, ашкан текебердиги жөнүндө, менменсингендиги жөнүндө, бой көтөргөндүгү жөнүндө, тажаалдыгы жөнүндө укканбыз: ал курулай мактанат.

7 Ошондуктан Маап үчүн Маап боздоп ыйлайт, бардыгы боздоп ыйлашат. Кир-Харесеттин негиздери үчүн онтогула, анткени алар биротоло талкаланды.

8 Кешпон талаалары, ошондой эле Сыбма жүзүмзары куурады. Элдердин өкүмдарлары анын Жазерге чейин жеткен, чөлдө жайылган эң мыкты сабактарын жок кылышты. Алардын жаш бутактары жайылып, деңиздин аркы өйүзүнө өттү.

9 Ошондуктан мен да Сыбманын жүзүм сабагы үчүн Жазердин ыйы менен ыйлайм. Кешпон жана Элалей, сага көз жашымды төгөм, анткени мындан кийин сенин жүзүмдөрүңдү жыйноо учурунда жана оруу-жыюу учурунда шаңдуу кубаныч болбойт.

10 Түшүмдүү жерлерден кубаныч менен шаттык жоголот, жүзүмзарлардын арасында ырдашпайт, кубанышпайт. Жүзүмчү жүзүм сыгылуучу жайда жүзүм тебелебейт, анткени Мен кубанычтуу үндү бастым.

11 Мына ошондуктан ички дүйнөм Маап үчүн арфадай онтойт, Кир-Харесет үчүн жүрөгүм сыздайт.

12 Маап келип, бутканаларында чарчаганча жалынса да, өзүнүн ыйык жайына сыйынганы келсе да, эч нерсе жардам бербейт.

13 Теңирдин Маап тууралуу небак эле айткан сөзү ушул.

14 Азыр болсо Теңир мындай дейт: «Жалданган жылдар боюнча эсептегенде, үч жылдан кийин Мааптын текебердиги өзүнүн көп эли менен кошо басылат, аман калган калдыгы эң эле аз, анча-мынча эле болот».

**17-БӨЛҮМ**

**Сириянын жана Эпрайымдын жазаланары жөнүндө**

1 Дамаск жөнүндө пайгамбарчылык. «Мына, Дамаск шаарлардын эсебинен чыгат, үйүлгөн урандыга айланат.

2 Аройердин ээн калган шаарлары малга калат, мал ошол жерге жайылат, аларды үркүткөн эч ким болбойт.

3 Эпрайымдыктардын сепили да, Дамаск падышачылыгы да жок болот. Ысрайыл уулдарынын даңкына эмне болсо, Сириянын калган бөлүгүнө да ошондой болот», – дейт Себайот Теңир.

4 «Ошол күнү Жакыптын даңкы кемийт, анын семиз денеси арыктайт.

5 Орокчу эгин жыйнагандан кийин, анын колу машак тергенден кийин, Репа уулдарынын өрөөнүндө машак жыйнагандан кийин кандай болсо, ошол күнү ошондой болот.

6 Зайтун дарагын күбүгөндөн кийин, эң башында калган эки-үч мөмөдөй же мөмөлүү шагында калган төрт-беш мөмөдөй андан калдык калат», – дейт Ысрайылдын Кудай-Теңири.

7 Ошол күнү адам өзүнүн Жаратуучусуна кайрылат, анын көзү Ысрайылдын Ыйыгына бурулат.

8 Ал курмандык чалынуучу жайларга да, өзүнүн колу менен жасалган иштерге да карабайт, өз колдору менен жасаган жасалма кудайларга – Ашейра менен Баалга да карабайт.

9 Ошол күнү анын бекемделген шаарлары токойлордо жана тоолордун башында Ысрайыл уулдарынын алдында таштап кетишкен урандылардай болот. Ал чөлгө айланат.

10 Анткени сен өзүңдү куткарган Кудайыңды унутуп койдуң, өзүң баш калкалаган асканы эсиңен чыгарып койдуң. Ошондуктан сен көңүл ачуучу бактарды көбөйттүң, башка бирөөнүн жүзүм сабагынан алып келип, жаш бутактарды отургуздуң.

11 Алар өссүн деп, сепкендериң эрте гүлдөсүн деп, отургузган күнү кам көрдүң. Бирок түшүм жыйнаган күнү үйүлгөн түшүм эмес, оор кайгы болот.

12 Оо, көп элдердин ызы-чуусу! Алар деңиз күркүрөгөндөй күркүрөп жатышат. Урууларлын өкүрүгү! Алардын өкүрүгү шар аккан суунун күрүлдөгөнүнө окшош.

13 Элдер шар аккан суулардай күрүлдөп жатышат, бирок Теңир аларды коркутканда, алар алыс качып кетишти, алар тоолордогу шамал учурган топурактай, куюн сапырган чаңдай болушту.

14 Кеч киргенде коркунуч басты! Бирок таң атканга чейин эле ал коркунуч жок болду. Бизди талап-тоногондордун үлүшү, бизди кыйраткандардын тагдыры ушундай.

**18-БӨЛҮМ**

**Эфиопиянын жазаланары жөнүндө**

1 Эфиопия дарыяларынын аркы өйүзүндөгү канаттардын ызылдаганына толгон жерге кайгы!

2 Ал – деңиз менен элчилерин жөнөткөн, сууларда камыш кемелер менен жүргөн жер. Күлүк элчилер, күчтүү, сергек элге, башынан ушул кезге чейин коркунучтуу болгон элге, дарыялар кесип өткөн жерди тебелеп-тепсеген узун бойлуу элге баргыла!

3 Силер баарыңар, ааламда жашагандар, жер тургундары! Тоодон туу көтөрүлгөндө, карагыла, сурнай тартылганда, уккула!

4 Анткени Теңир мага мындай деп айткан: «Жамгырдан кийинки жарык нурдай болуп, кырман маалындагы аптапта булуттан түшкөн шүүдүрүмдөй болуп, Мен Өзүмдүн турагымдан силерди тынч карап турам».

5 Анткени жыйнаганга чейин эле, жүзүм гүлдөп бүтүп, мөмөсү быша баштаганда эле, Теңир бычак менен сабагын кесип салат, жаш бутагын кыйып салат.

6 Анан бардыгын тоодогу жырткыч куштарга жана талаа жырткычтарына калтырышат. Ошондо жырткыч куштар ал жерде жайды өткөрүшөт, ал эми бардык талаа жырткычтары ошол жерде кышташат.

7 Ошол учурда Теңир Себайотко, Теңир Себайоттун ысымы турган Сион тоосуна бардыгын тебелеп-тепсеп, эзелтен коркунуч туудуруп келген, жерин дарыялар кесип өткөн, узун бойлуу, күчтүү, сергек эл тартуу алып келет.

**19-БӨЛҮМ**

**Мисир жөнүндөгү пайгамбарчылык**

1 Мисир жөнүндө пайгамбарчылык. Мына, Теңир жеңил булутка отуруп алып, Мисирге келе жатат жана Анын жүзүнөн Мисир буркандары титирейт, Мисирдин жүрөгү түшөт.

2 «Мен мисирликтерди өздөрүнө каршы куралдандырам. Ошондо бир тууган бир тууганга каршы, дос доско каршы, шаар шаарга каршы, падыша падышага каршы салгылашат.

3 Ошондо Мисирдин руху алсырайт, алардын кеңешин бузам. Ошондо алар буркандарга, сыйкырчыларга, өлгөндөрдү чакыргандарга, төлгөчүлөргө кайрылышат.

4 Мисирликтерди ырайымсыз өкүмдардын колуна салып берем, аларга катаал падыша бийлик кылат», – дейт Теңир, Себайот Теңир.

5 Деңиз суулары соолуйт, дарыя какшыйт.

6 Өзөндөр сасыйт, Мисирдин каналдары какшыйт, жылгындар менен камыштар куурайт.

7 Дарыянын боюндагы талаалар, дарыянын жээктери, дарыяны бойлото эгилгендин баары куурайт, шамал учуруп жок болот.

8 Балыкчылар ыйлашат, дарыяга кайырмак салгандардын баары боздошот, сууга тор жайгандардын ындыны өчөт.

9 Зыгыр иштеткендердин, ак кездеме токуучулардын айласы кетет.

10 Тосмолордун негизи талкаланат, тирүү балык кармаган тору бар адамдардын баарынын көңүлдөрү чөгөт.

11 Соан башчылары акылынан ажырашты. Фараондун акылдуу кеңешчилери берген кеңеш маанисиз кеңеш болуп калды. Силер фараонго: «Мен акылмандардын уулумун, байыркы падышалардын уулумун», – деп, кантип айтасыңар?

12 Эми алар кана? Кана сенин акылмандарың? Алар сага айтышсын, Себайот Теңирдин Мисир жөнүндө кандай чечим чыгарганын билишсин.

13 Соан башчылары акылдан адашышты, Ноп мырзалары алданып калышты, анын уруу башчылары Мисирди тескери жолго салышты.

14 Теңир ага мас кылуучу рухту жиберди. Өз кусундусуна оонаган мастай кылып, алар Мисирди бардык ишинде адаштырышты.

15 Мисирде баш да, куйрук да, пальма бутагы да, камыш да эч нерсе кыла албайт.

**Мисирдин Теңирди даңктары жөнүндө**

16 Ошол күнү мисирликтер аялдарга окшоп калышат, Себайот Теңирдин аларга көтөрүлгөн колунан коркуп титирешет.

17 Жүйүт жери Мисирдин үрөйүн учурган жер болуп калат. Жүйүт жөнүндө эстеген адам Себайот Теңирдин Мисирге чыгарган өкүмүнөн титирейт.

18 Ошол күнү Мисир жериндеги беш шаар канаан тилинде сүйлөп, Себайот Теңир менен ант берет. Алардын бири Күн шаары деп аталат.

19 Ошол күнү Теңирге арналган курмандык чалынуучу жай Мисирдин ортосунда болот жана Теңирге арналган эстелик анын чек арасында болот.

20 Ал Мисир жеринде Себайот Теңир жөнүндө эскерткен белги жана күбөлөндүрүү болот. Анткени алар Теңирге эзүүчүлөрдүн айынан кайрылышат, ошондо Теңир аларга куткаруучу менен арачыны жиберип, аларды куткарып алат.

21 Ошондо Мисирде Теңир Өзүн көрсөтөт, ошол күнү мисирликтер Теңирди таанышат, курмандыктарды чалышат, тартууларды алып келишет, Теңирге убадаларды беришет, аларды аткарышат.

22 Ошентип, Теңир Мисирди урат да айыктырат. Алар Теңирге кайрылышат, Теңир аларды угуп, айыктырат.

23 Ошол күнү Мисир менен Ашурдун ортосуна чоң жол салынат, ошондо ашурлуктар Мисирге, мисирликтер Ашурга келип турушат. Мисирликтер ашурлуктар менен бирге Теңирге кызмат кылышат.

24 Ошол күнү Ысрайыл Мисир менен Ашурдан кийин үчүнчү болот, Кудайдын батасы жердин ортосунда болот.

25 Анткени Себайот Теңир ал жерге: «Менин элим – мисирликтер баталуу, Менин колумдун иши – ашурлуктар баталуу, Менин мурасым – Ысрайыл эли баталуу», – деп бата берет.

**20-БӨЛҮМ**

**Пайгамбардын жышааны**

1 Ашур падышасы Саргон жиберген тартан Азотко келип, ага каршы согушуп, аны басып алды.

2 Ошол жылы Амос уулу Ышайага Теңир: «Бар, белиңден зумбалыңды чеч, бутуңдагы сандалыңды чеч», – деп айтты. Ал так ошондой кылды. Жылаңач жана жылаңайлак жүрдү.

3 Анан Теңир мындай деди: «Менин кулум Ышайа Мисир менен Эфиопия жөнүндө көрсөтмө жана жышаан болуп, үч жыл жылаңач жана жылаңайлак жүргөндөй,

4 Ашур падышасы Мисирди уят кылып, Мисир туткундарын, Эфиопиянын куугунтукталып жүргөндөрүн, жаш-кары дебей, жылаңач, жылаңайлак кылып, белине чейин жылаңачтап алып жөнөйт».

5 Ошондо өздөрү үмүт кылган Эфиопияны, өздөрү мактанган Мисирди көрүп үрөйлөрү учуп, уялышат.

6 Ошол күнү ушул өлкөнүн тургундары: «Ашур падышасынан куткарылышыбыз үчүн биз үмүттөнгөн Эфиопияга, биз жардам сурап кайрылган Мисирге мына эмне болду? Эми биз кантип куткарылабыз?» – дешет.

**21-БӨЛҮМ**

**Бабылдын кулары жөнүндөгү көрүнүш**

1 Деңиз жээгиндеги чөл тууралуу пайгамбарчылык. Түштүктө учуп жүргөн бороондой болуп, ал чөлдөн, коркунучтуу жерден келе жатат.

2 Мага коркунучтуу көрүнүш көрсөтүлдү: талоончу талап жатат, кыйратуучу кыйратып жатат. Тур, Эйлам! Мадай, курчоого ал! Мен бардык муң-зарды токтотом!

3 Ошондуктан бүткөн боюм титиреп жатат, мен төрөп жаткан аялдай толгоо тартып жатам, төрөп жаткан аялдай кыйналып жатам. Мен эмнени угуп жатсам, ошондон толкунданып жатам; мен эмнени көрүп жатсам, ошондон коркуп жатам.

4 Жүрөгүм дүкүлдөп, калтырап коркуп жатам. Мен үчүн кубанычтуу болгон түн коркунучтуу түнгө айланды.

5 Үстөл даярдап жатышат, дасторкон жайып жатышат, ичип-жеп жатышат. Тургула, төрөлөр, калканыңарды майлагыла!

6 Анткени Теңир мага: «Бар, күзөт кой. Ал көргөнүн айтып турсун», – деп айтты.

7 Ошондо ал эки-экиден болуп келе жаткан атчан, эшекчен, төөчөн адамдарды көрдү. Ал көңүл коюп, бүт дитин коюп кулак төшөдү.

8 Анан арстандай болуп мындай деп кыйкырды: «Мырзам, мен күзөттө күн бою турдум, түн бою өз ордумда турдум.

9 Мына, адамдар – эки-экиден атчандар келе жатышат». Андан кийин ал мындай деп кыйкырды: «Кулады, Бабыл кулады. Анын бардык жасалма кудайлары жерде талкаланып жатат».

10 Оо, менин бастырылган уулум, менин кырманымдын уулу! Мен Ысрайыл Кудайы Себайот Теңирден эмнени уксам, ошону силерге кабарладым.

**Эдом жөнүндөгү пайгамбарчылык**

11 Дума тууралуу пайгамбарчылык. Мага Сеирден: «Күзөтчү! Түндүн канчасы калды? Күзөтчү! Таң атканга канча калды?» – деп кыйкырып жатышат.

12 Күзөтчү: «Таң сүрүп келе жатат, бирок али түн. Эгерде сурагыңар келсе, сурагыла, кайра келгиле», – деп жооп берди.

**Аравия жөнүндөгү пайгамбарчылык**

13 Аравия тууралуу пайгамбарчылык: «Дыдан кербендери, Аравиянын токоюна түнөгүлө!

14 Тейма жеринде жашагандар! Суусагандардын алдынан суу көтөрүп тосуп чыккыла, качкындарды нан менен тосуп алгыла.

15 Анткени алар сунулган кылычтан, тартылган жаадан, согуштун катаалдыгынан качып келе жатышат».

16 Анткени Теңир мага мындай деп айтты: «Жалданган жыл боюнча эсептегенде, бир жылдан кийин Кейдардын бүткүл атак-даңкы жок болот.

17 Ошентип, Кейдардын тайманбас уулдарынын жаалары да аз калат». Анткени Ысрайыл Кудайы, Теңир, ушинтип айтты.

**22-БӨЛҮМ**

**Иерусалим жөнүндөгү пайгамбарчылык**

1 Аян өрөөнү тууралуу пайгамбарчылык. Сага эмне болду? Эмне үчүн сенин бүт элиң үйдүн төбөсүнө чыгып алды?

2 Бака-шака түшкөн, толкунданган шаар, шаңдуу шаар! Сенин өлгөн элиң кылычтан өлгөн жок, согуштан кырылган жок.

3 Сенин жол башчыларыңдын баары бирге качышты, бирок алар жаасыз эле колго түшүштү. Канчалык алыс качышпасын, сенин жоокерлериңдин бардыгы байлануу.

4 Ошондуктан мен: «Мени жайыма койгула, мен катуу ыйлайм. Элимдин кызынын башына алаамат түшкөндө, мени сооротом деп аракет кылбагыла», – деп айтып жатам.

5 Анткени Эгедерден, Себайот Теңирден, Аян өрөөнүнө алаамат түшүргөн, адам укугун тебелеген, дүрбөлөң салган күн келди. Дубалдарды уратып, кыйкырып жатышат. Алардын кыйкырыгы тоого жетип жатат.

6 Эйлам саадак көтөрүп бара жатат. Арабада отурган адамдар, атчандар келе жатышат, Кир калканын колуна алды.

7 Мына, сенин эң сонун өрөөндөрүң майдан арабаларына толду, атчандар дарбазанын тушуна катарга тизилип турушту.

8 Алар Жүйүттүн жабуусун сыйрып алып жатышат. Ошол күнү сен кедр жыгачынан жасалган үйдө сакталып турган куралга көз жибересиң.

9 Бирок силер Дөөттүн шаарынын дубалында тешиктер көп экенин көрүп турасыңар жана төмөнкү көлмөгө суу топтоп жатасыңар.

10 Силер Иерусалимдеги үйлөрдү белгилеп жатасыңар, дубалдарды бекемдеш үчүн, үйлөрдү уратып жатасыңар.

11 Эки дубалдын ортосуна эски көлмөнүн суулары үчүн суу сактагыч куруп жатасыңар. Бирок муну Жасап Жатканды көрбөй жатасыңар, муну эбак эле Чечип Койгонду карабай жатасыңар.

12 Ошондуктан Теңир, Себайот Теңир, ушул күнү силерди ыйлаганга, кайгырганга, чачыңарды жулганга, белиңерге зумбал байлаганга чакырат.

13 Бирок мына, шаттык жана кубаныч! Өгүздөрдү да, койлорду да союп жатышат. Эт жеп, шарап ичип: «Бүгүн ичип-жейли, анткени эртең өлөбүз!» – деп жатышат.

14 Себайот Теңир менин кулагыма муну ачты: «Бул мыйзамсыздыгыңар силер өлгөнгө чейин кечирилбейт», – деди Теңир, Себайот Теңир.

**Шебнага берилген эскертүү**

15 Теңир, Себайот Теңир, мындай деди: «Жөнө, падыша сарайынын кызматчысы, сарай башчысы Шебнага барып, мындай деп айт:

16 "Бул жерде сенин эмнең бар, бул жерде сенин кимиң бар? Эмне үчүн сен өзүңө бул жерге, асканын бооруна мүрзө оюп жатасың?" Ал өзүнө бийик жерге, асканын бооруна мүрзө оюп жатат, өзүнө аскага турак жай оюп жатат».

17 Мына, Теңир сени алп киши ыргыткандай ыргытып жиберет, тоголоктоп, мыкчып салат.

18 Сени түйүнчөккө түйүп, кең жерге топтой кылып ыргытып жиберет. Сен ошол жерде өлөсүң, ошол жерде эң сонун майдан арабаларың мырзаңдын үйү үчүн шылдың болот.

19 «Ошентип, сени турган жериңден түртүп жиберем, сени даражалуу жериңден кулатышат.

20 Ошол күнү Өзүмдүн кулум Хилкиянын уулу Элийакимди чакырам.

21 Ага сенин кийимдериңди кийгизем, белин сенин куруң менен курчайм, сенин бийлигиңди анын колуна өткөрүп берем. Ошондо ал Иерусалимдин тургундары үчүн да, Жүйүт үчүн да ата болуп калат.

22 Анан Дөөттүн ачкычын анын ийнине салам; Ал ачат, эч ким жаппайт, ал бекитет, эч ким ачпайт.

23 Аны бекем жерге кагылган мыктай кылам. Ошондо ал атасынын үйү үчүн атак-даңктын тагы болот.

24 Ага атасынын үйүнүн, балдарынын жана неберелеринин бүт даңкы илинет, үй буюмунан тартып акыркы музыкалык аспаптарына чейин илинет.

25 Ошол күнү, – дейт Себайот Теңир, – бекем жерге кагылган мык бошоп, суурулуп, жерге түшөт, ага илинген жүктүн баары түшөт». Анткени Теңир ушинтип айтып жатат.

**23-БӨЛҮМ**

**Тир жөнүндөгү пайгамбарчылык**

1 Тир жөнүндөгү пайгамбарчылык: «Таршыштын кемелери, боздоп ыйлагыла, анткени ал кыйрады. Үйлөр да жок, үйлөргө кире турган адам да жок». Аларга Китим жеринен ушундай кабар келди.

2 Деңизде жүрүүчү Сидон соодагерлерине толгон арал тургундары, унчукпай калгыла.

3 Ал жерге зор дарыялар аркылуу Шихордун үрөндөрү, чоң дарыянын түшүмү алып келинип турчу, ал элдердин соода кыла турган жери болчу.

4 Уял, Сидон, анткени деңиз, күчтүү деңиз, мындай деп айтып жатат: «Мен толгоо тартып төрөгөн жокмун, уулдарды чоңойткон жокмун, кыздарды өстүргөн жокмун».

5 Бул кабар мисирликтерге жеткенде, алар Тир тууралуу укканда, титирешет.

6 Таршышка көчүп кеткиле, аралдын тургундары, ыйлагыла!

7 Байыркы күндөрдө эле негизделип, кубанып келген шаарыңар ушубу? Буттары аны алыскы өлкөдө тентип жүрүүгө алып бара жатат.

8 Таажы тараткан, көпөстөрү төрө болгон, соодагерлери өлкөнүн атактуу кишилери болгон Тирге муну ким күн мурун белгилеп койду?

9 Ар кандай даңктын текебердигин уятка калтырыш үчүн, жер үстүндөгү бүт атактууларды басынтыш үчүн, муну Себайот Теңир күн мурунтан белгилеп койгон.

10 Таршыш кызы, өз жериңди дарыядай арала! Мындан ары тоскоолдук жок.

11 Теңир Өз колун деңизге сунуп, падышачылыктарды силкилдетти. Теңир Канаан жөнүндө, анын сепилдерин кыйратууга буйрук берди.

12 Ал мындай деди: «Маскара болгон кыз, Сидондун кызы, сен мындан ары кубанбайсың! Тур, Китимге бар, бирок сага ал жерде да тынчтык болбойт».

13 Мына, Каздим жери. Бул эл мурун жок болчу. Ашур аны чөлдүн тургундарынан баштаган. Алар өздөрүнүн мунараларын тургузуп жатышат, анын сарайларын бузуп жатышат, аны урандыга айлантып жатышат.

14 Таршыштын кемелери, ыйлагыла! Анткени силердин тирегиңер кыйрады.

15 Ошол күнү Тир бир падышанын падышачылык күндөрүндөй, жетимиш жылга унутулат. Жетимиш жыл өткөндөн кийин, бузулган аял жөнүндө кандай ырдашса, Тир жөнүндө да ошондой ырдашат:

16 «Лираңды колуңа ал, шаарды аралап чык, унутулган бузулган аял! Чебер ойно, көп ырда, сен жөнүндө эстешсин».

17 Жетимиш жыл өткөндөн кийин Теңир Тирди эстейт. Ошондо ал кайрадан өз кирешесин таба баштайт, бүт жер жүзүндөгү падышачылыктардын баары менен бузукулук кылат.

18 Бирок анын соодасы жана кирешеси Теңирге арналат, аларды кампаларга жыйнашпайт, сакташпайт. Анын соодадан түшкөн кирешеси Теңирдин алдында жашагандарга өтөт, ошондо алар тоё жешет, жакшы кийим кийишет.

**24-БӨЛҮМ**

**Теңирдин жерди жазалары жөнүндө**

1 Мына, Теңир жерди ээн калтырып, түшүмсүз кылып жатат. Анын көрүнүшүн өзгөртүп, тургундарын туш-тушка чачыратып жатат.

2 Элге эмне болсо, ыйык кызмат кылуучуга да ошол болот; кулга эмне болсо, кожоюнга да ошол болот; күңгө эмне болсо, кожоюндун аялына да ошол болот; сатып алуучуга эмне болсо, сатуучуга да ошол болот; карыздарга эмне болсо, карыз берүүчүгө да ошол болот; үстөккө берүүчүгө эмне болсо, үстөккө алуучуга да ошол болот.

3 Жер ээн калды, таланып-тонолду, анткени бул сөздү Теңир айтты.

4 Жер кайгырды, анын ындыны өчтү. Аалам башын жерге салды, анын ындыны өчтү. Эл башчыларынын баштары шылкыйды.

5 Ошентип, жер үстүндө жашагандар жерди булгашты, анткени алар мыйзамдарды бузушту, буйруктарды өзгөртүштү, түбөлүктүү келишимди бузушту.

6 Ошон үчүн жерди каргыш жеп жатат, анын үстүндө жашагандар жазаланып жатышат. Ошон үчүн жерде жашагандар өрттөлдү, аз эле адам калды.

7 Шиңгилдин ширеси ыйлап жатат, жүзүмдүн сабагы ооруп жатат. Жүрөгү менен кубангандардын баары онтоп жатышат.

8 Дап каккандардын шаңдуу үнү басылды, көңүл ачкандардын үнү өчтү, гуслилердин үнү угулбай калды.

9 Эми шарап ичип ырдабай калышты, күчтүү ичимдик аны ичкендерге ачуу болуп калды.

10 Ээн калган шаар талкаланды, бардык үйлөр кулпуланган, кирүүгө мүмкүн эмес.

11 Көчөлөрдө шарапты эңсеп ыйлашат, бардык кубаныч кайгыга айланды, жер үстүндө бардык кубаныч жоголду.

12 Шаар кыйрады, дарбазалар талкаланды.

13 Ал эми жер ортосунда, элдер арасында зайтун дарагын күбүп алгандан кийин, жүзүмдү терип алгандан кийин, түшүмдү жыйнап алгандан кийин кандай болсо, ошондой болот.

14 Алар үнүн бийик чыгарып, Теңирдин улуулугуна кубанышат, деңизден катуу кыйкырышат.

15 Ошондуктан чыгышта Теңирди даңктагыла, деңиз аралдарында Ысрайылдын Кудайын, Теңирдин ысымын даңктагыла!

16 Биз жер шарынын учу-кыйырынан «Адил адамга даңк!» деген ырды угуп жатабыз. Ошондо мен мындай дедим: «Башыма мүшкүл түштү! Башыма мүшкүл түштү! Башыма кайгы келди! Жамандык кылгандар жамандык кылып жатышат, кыянаттык кылгандар кыянаттык менен кыянатчылык кылып жатышат.

17 Жер тургуну, сени коркунуч, ор, тор күтүп турат!

18 Ошондо коркунуч туудурган кыйкырыктан качкан адам орго түшөт, ордон чыккан адам торго түшөт, анткени асмандын терезеси ачылат, жердин негиздери солкулдайт».

19 Жер кыйрап жатат, жер талкаланып жатат, жер катуу титиреп жатат.

20 Жер мас кишидей ыргалып жатат, бешиктей термелип жатат, аны өзүнүн мыйзамсыздыгы кыйнап жатат. Ал кулайт, кайра турбайт.

21 Ошол күнү Теңир асмандагы асман кошуундарын, жердеги падышаларды жазалайт.

22 Алардын баары чогултулуп, туткундар катары орго салынып, зынданга камалышат, анан көп күн өткөндөн кийин жазага тартылышат.

23 Себайот Теңир Сион тоосуна жана Иерусалимге падыша болгондо, ай кызарат, күн уялат, Анын элинин аксакалдарынын алдында даңк болот.

**25-БӨЛҮМ**

**Теңирди адилет соту үчүн даңктоо**

1 Теңир! Сен менин Кудайымсың. Сени даңазалайм, Сенин ысымыңды мактайм, анткени Сен укмуштарды жараттың, байыркы убакта алдын ала белгилеп койгондоруң чындык, оомийин!

2 Сен шаарды таштын үймөгүнө, чепти урандыга айланттың: шаарда бөтөн уруулардын үйлөрү калган жок, ал эч качан калыбына келтирилбейт.

3 Ошондуктан Сени күчтүү элдер даңазалашат, коркунучтуу уруулардын шаарлары Сенден корко турган болушат.

4 Анткени Сен жардыга тирек болдуң, жакырга башына кыйынчылык түшкөн күндөрдө таяныч болдуң, бороондо баш паана болдуң, аптапта көлөкө болдуң. Анткени канкор эзүүчүлөрдүн каардуу деми дубалдарга каршы соккон бороондой.

5 Суусуз жердеги аптаптай, Сен душмандардын жаңжалын токтоттуң. Аптапты булуттун көлөкөсү баскандай, эзүүчүлөрдүн кубанычы басылат.

6 Ошондо Себайот Теңир бардык элге ушул тоонун үстүндө дасторкон жайып, тамактын майлуусун, шараптын тазасын, жиликтин чучугун, шараптын эң тазасын коёт.

7 Бардык элдерди жаап турган жабууну, бардык уруулардын үстүндөгү жабууну ушул тоонун үстүндө жок кылат.

8 Теңир өлүмдү түбөлүккө жок кылат, Кудай-Теңир бардык адамдардын жүзүндөгү көз жашты аарчыйт, бүт жер жүзүндөгү Өз элинин маскарачылыгын алып салат, анткени Теңир ушинтип айтып жатат.

9 Ошол күнү: «Мына, бул – биздин Кудай! Биз Ага таянганбыз, ошондуктан Ал бизди куткарды! Бул – Теңир, биз Андан үмүт кылганбыз. Анын куткарганына кубаналы, шаттаналы!» – деп айтышат.

10 Анткени Теңирдин колу ушул тоодо турат, саман кыктын үстүндө тебеленгендей, Маап өз ордунда тебеленет.

**Мааптын жазаланары жөнүндө**

11 Суучул сүзүш үчүн колун сунгандай, ал өзүнүн колдорун анын ортосуна сунса да, Кудай анын текебердигин колдорунун анткорлугу менен кошо басат.

12 Сенин сепилиңдин бийик дубалдарын талкалап, жерге кулатып, топуракка айландырат.

**26-БӨЛҮМ**

**Теңир – Ысрайылдын Куткаруучусу**

1 Ошол күнү Жүйүт жеринде мына бул ырды ырдашат: «Биздин шаар бекем, дубал менен тосмо ордуна Теңир куткаруу берди.

2 Дарбазаны ачкыла, чындыкты сактаган адил эл кирсин.

3 Руху бекем адамды Сен жеткилең тынчтыкта сактайсың, анткени ал Сенден үмүттөнөт.

4 Түбөлүккө Теңирден үмүттөнгүлө, анткени Кудай-Теңир – түбөлүк таяныч.

5 Ал бийиктикте жашагандарды басынтты, бийиктикте турган шаарды кулатты. Аны жерге кулатып, топуракка айлантты.

6 Аны бут тебелейт, аны жакырлардын буту, кедей-кембагалдардын таманы тебелейт.

7 Адил адамдын жолу түз. Сен адил адамдын жолун түздөйсүң.

8 Теңир, Сенин сотторуңдун жолунда биз Сенден үмүттөнгөнбүз! Биздин жаныбыз Сенин ысымыңа, Сени эскерүүгө умтулган.

9 Менин жаным Сага түн ичинде умтулду, Сени рухум менен таң заардан издейм, анткени жер үстүндө Сенин сотуң жүрүп жатканда, жер жүзүндө жашагандар акыйкаттыкка үйрөнүшөт.

10 Мыйзамсызга ырайым кылынса, анда ал чындыкка үйрөнбөстөн, адил адамдардын жеринде жамандык кыла берет жана Кудайдын улуулугун көрбөйт.

11 Теңир! Сенин колуң бийик көтөрүлгөн, бирок алар көргөн жок. Сенин элиңди жек көргөндөр аны көрүп уялышат. Сенин душмандарыңды от жалмайт.

12 Теңир! Сен бизге тынчтык тартуулап жатасың, анткени Сен биздин бардык иштерибизди да биз үчүн аткарып жатасың.

13 Кудай-Теңирибиз! Сенден башка өкүмдарлар бизге үстөмдүк кылышчу, бирок биз Сенин ысымыңды Сен аркылуу гана даңктайбыз.

14 Өлгөндөр тирилишпейт, өлүктөр турушпайт, анткени аларды Сен жазалап, алардын атын биротоло өчүрдүң.

15 Элди көбөйттүң, Теңир, элди көбөйтүп, Өзүңдү даңктадың, даңкыңды жер жүзүнө тараттың.

16 Теңир! Башына күн түшкөндө, ал Сени издеген, ага Сенин жазаң жеткенде, шыбырап жалынган.

17 Кош бойлуу аял толгоо тартканда, кандай кыйналып кыйкырса, Теңир, Сенин алдыңда биз да ошондой кыйналдык.

18 Кош бойлуу болгонбуз, кыйналганбыз, шамал төрөгөндөй болгонбуз, жерге куткарууну жеткирген жокпуз, дүйнөгө жердин жаңы тургундары келген жок.

19 Сенин өлгөндөрүң тирилишет, өлүү денелер кайра турушат! Топуракта жаткандар, ойгонгула да кубангыла! Анткени Сенин шүүдүрүмүң – өсүмдүк шүүдүрүмү. Жер өлгөндөрдү бүркөт».

**Бутпарастардын жазаланары жана Ысрайылдын калыбына келтирилери жөнүндө**

20 Бар, элим, үйүңө кир, эшигиңди жап, каар өтүп кеткенче, көз ирмемге жашына тур.

21 Анткени мына, Теңир Өз турагынан жердин жашоочуларын мыйзамсыздыгы үчүн жазалаганы чыгып келе жатат, ошондо жер өзү жуткан канды кайра алып чыгат, ошондон кийин өзүнүн өлтүрүлгөндөрүн жашырбайт.

**27-БӨЛҮМ**

1 Ошол күнү Теңир өзүнүн оор, чоң, бекем кылычы менен түз чуркаган жылан лебийатанды, сойлогон жылан лебийатанды жазалайт, деңизде жашаган коркунучтуу жаныбарды өлтүрөт.

2 Ошол күнү ал тууралуу – сүйүктүү жүзүмзар тууралуу ырдагыла:

3 «Мен, Теңир, анын сактоочусумун, аны көз ирмем сайын сугарып турам, бирөө кирип кетпесин деп, аны күндүр-түндүр кайтарам.

4 Мен каарданган жокмун. Бирок кимдир бирөө анын ичине Мага каршы отоо чөп жана тикенек коё турган болсо, Мен ага каршы согуш ачып, аны өрттөп жок кылам.

5 Эгерде ал Менден жардам сурап кайрылса, Мени менен тынчтык келишимин түзгүсү келсе, анда Мени менен тынчтык келишимин түзсүн.

6 Келечекте Жакып тамыр жаят, Ысрайыл бутак чыгарып гүлдөйт. Ошондо бүт жер жүзү жемишке толот».

7 Теңир аны ургандарды кандай урса, аны да ошондой урду беле? Аны өлтүргөндөр кандай өлтүрүлсө, аны да ошондой өлтүрдү беле?

8 Сен аны четке кагып, күнөөсүнө жараша жазаладың. Чыгыштын шамалы соккон күндөгүдөй, Сен аны Өзүңдүн күчтүү демиң менен ыргыттың.

9 Ошондуктан ушул аркылуу Жакыптын мыйзамсыздыгы кечирилет. Анын күнөөдөн тазалангандыгынын жемиши болуп, курмандык чалынуучу жайдын бүт таштарын майдаланган акиташтай кылгандыгы эсептелет. Ошондон кийин Ашейра жана күндүн буркандары турбайт.

10 Анткени бекемделген шаар ээн калат, турак жайларды таштап кетишет, кароосуз калтырышат, алар чөлгө окшоп ээн калат. Ал жерге музоо жайылат, ал ошол жерге жатып алып, анын бутактарын кемирет.

11 Анын бутактары куурап калганда, аларды сындырып салышат. Аялдар келип, аларды өрттөп жиберишет. Бул эл акылсыз болгондуктан, Жаратканы аны аябайт, Жасаганы ага ырайым кылбайт.

12 Бирок ошол күнү Теңир улуу дарыядан Мисир сууларына чейин – бардыгын титиретет. Ошондо силер, Ысрайыл уулдары, баарыңар чогултуласыңар.

13 Ошол күнү мындай болот: улуу сурнай тартылат, ошондо Ашур жеринде адашып жүргөндөр жана Мисир жерине куугунтукталып кеткендер келип, Иерусалимдеги ыйык тоодо Теңирге таазим кылышат.

**28-БӨЛҮМ**

**Эпрайымдын тагдыры – Түндүк падышачылыгына берилген эскертүү**

1 Эпрайымдыктардын сыймыгы болгон таажыга, семиз өрөөндүн бийик жеринде жашаган шарапка жеңилгендердин кооз жасалгаларынын соолуган гүлүнө кайгы!

2 Мына, Теңирдин күчтүүсү жана кубаттуусу мөндүрлүү нөшөрдөй, кыйратуучу бороондой, каптап кетүүчү суулардын кирип келген ташкынындай, аны күч менен жерге кулатат.

3 Мас эпрайымдыктардын сыймыгы болгон таажысы тепсендиде калат.

4 Семиз өрөөндүн бийик жериндеги анын кооз жасалгаларынын соолуган гүлү мөөнөтүнөн эрте бышкан анжырдай болот. Аны бирөө көрөрү менен үзүп алып, жутуп салат.

5 Ошол күнү Себайот Теңир Өз элинин калдыгына даңктын таажысы жана кооз гүлчамбар болот.

6 Сотто отурганга адилет руху болот, душмандын соккусун дарбазага чейин кайтарганга күч болот.

7 Бирок булар да шарап ичип теңселип жатышат, күчтүү ичимдик ичип, жолдон адашып жатышат. Ыйык кызмат кылуучу да, пайгамбар да күчтүү ичимдик ичип мүдүрүлүп жатышат, шарапка алдырып, күчтүү ичимдик ичип акылдан адашышты, көргөн көрүнүштөрү жөнүндө жаңылыш айтып жатышат, сотто чалынып жатышат.

8 Анткени бардык үстөлдөр жийиркеничтүү кусундуга толгон, таза жери жок.

9 Бирок алар: «Ал кимге билим үйрөткүсү бар? Кимге пайгамбарчылык менен акыл-насаат айткысы бар? Эмчек сүтүнөн ажыратылган, энесинин эмчегинен чыгарылган наристелергеби?

10 Анткени осуяттын үстүнө осуят, осуяттын үстүнө осуят, эреже үстүнө эреже, эреже үстүнө эреже, бул жерден бир аз, ал жерден бир аз», – деп жатышат.

11 Ошон үчүн бул элге түшүнүксүз сөздөр менен жана бөтөн тилде сүйлөшөт.

12 Аларга: «Мына, тынчтык, чарчаганга тынчтык бергиле, мына, тынчтануу», – деп айтышкан. Бирок алар уккусу келген жок.

13 Ошентип, алар үчүн Теңирдин сөзү осуяттын үстүнө осуят, осуяттын үстүнө осуят, эреженин үстүнө эреже, эреженин үстүнө эреже, бул жерден бир аз, ал жерден бир аз болуп калды. Ошондуктан алар басып бара жатып чалкасынан кулап кыйрашат, торго түшүп кармалышат.

**Сиондун бурчка коюлуучу ташы**

14 Ошондуктан Иерусалимдеги акаратчылар, бул элдин башчылары, Теңирдин сөзүн уккула.

15 Силер: «Биз өлүм менен келишим түздүк, өлгөндөр жаткан жай менен макулдаштык: бардыгын кыйратуучу камчы өтүп бара жатканда, бизге жетпейт, анткени биз жалганды өзүбүзгө баш паана кылып алдык, алдамчылыкка жашынып алдык», – дегениңер үчүн,

16 Теңир мындай дейт: «Мына, Мен негиз кылып Сионго таш коём, ал таш – сыналган, бурчка коюлуучу, кымбат баалуу, бекем орнотулган таш: ага ишенген адам уятка калбайт.

17 Сотту өлчөгүч кылып коём, адилеттикти тараза кылып коём. Жалгандын баш паанасын мөндүр талкалайт, жашынган жайын суу басып калат».

18 Ошондо өлүм менен түзгөн келишимиңер бузулат, өлгөндөр жаткан жай менен түзгөн келишимиңер ишке ашпайт. Баарын кыйратуучу камчы өтүп бара жатканда, силер тебеленип каласыңар.

19 Ал өткөн сайын силерге жетет, ал ар бир таңда, күн да, түн да араңардан өтөт, ал тууралуу айтылган бир эле кабар силердин үрөйүңөрдү учурат.

20 Бутуңарды сунайын десеңер, төшөгүңөр өтө кыска болот, оронуп жатайын десеңер, жуурканыңар өтө кичинекей болот.

21 Анткени Теңир Перaтсим тоосуна чыккандай чыгып келет, Гибон өрөөнүндө каардангандай каарданат, Өзүнүн ишин, таң каларлык ишин жасайт, Өзүнүн аракетин, укмуштуу аракетин жүзөгө ашырат.

22 Кишениңер катуу болуп калбаш үчүн акарат кылбагыла, анткени мен Себайот Кудай-Теңирден бүт жер жүзүн кырууну чечип койгонун уктум.

**Кудайдын акылмандыгы**

23 Кулагыңарды түрүп, менин үнүмдү уккула. Кунт коюп, менин сөздөрүмө кулак салгыла.

24 Жер айдоочу дайыма эле өз жерин айдап, бороз салып, мала тартабы?

25 Жок. Жердин үстүн тегиздегенден кийин, ал жапайы буурчак себет же зире чачат, буудайды катар-катар кылып, арпаны белгиленген жерге айдайт, анын жанына кайрак буудай себет.

26 Аны ушундай тартипке Кудай үйрөтүп жатат, ага Кудай акыл-насаат айтып жатат.

27 Анткени жапайы буурчакты тиштүү моло таш менен бастырбайт, зирени дөңгөлөк менен тебелетпейт, бирок жапайы буурчакты таяк менен күбүйт, зирени да таяк менен күбүйт.

28 Эгинди бастырат, бирок жанчпайт. Аны атка чегилген дөңгөлөктүү моло таш менен тебелетет, бирок аны майдалабайт.

29 Бул да Себайот Теңирден: Анын чечимдери укмуш, Анын акылмандыгы зор!

**29-БӨЛҮМ**

**Иерусалимдин тагдыры**

1 Дөөт жашаган шаар Ариелге, Ариелге кайгы! Жылга жылды кошкула, курмандыктарды муsettdай беришсин.

2 Бирок мен Ариелди кысымга алам, ошондо ый менен кайгы болот. Ал Менин Ариелим боюнча калат.

3 Мен сенин тегерегиңе кошуундарым менен жайланышып, сени байкоочу күзөтчүлөрүм менен кысымга алам, сага каршы чептерди тургузам.

4 Ошондо кемсинтилесиң, жерден сүйлөйсүң, топурактын астынан үнүң ачык угулбайт, үнүң күңкүлдөп сүйлөгөн кишинин үнүнө окшоп калат, топурактын астынан үнүң шыбырап чыгат.

5 Көп душманың майда топурактай болот, катаал аскерлериң туш-тушка учкан топондой болот. Бул күтүлбөгөн жерден, бир көз ирмемде болот.

6 Себайот Теңир сени чагылган менен, жер титирөө менен, катуу үн менен, бороон менен, куюн менен, баарын жалмаган оттун жалыны менен жазалайт.

7 Ариелге каршы согушкан көп элдер, ага каршы чыккандар, ага каршы тургузулган чептер, аны кысымга алгандар түштөй, түн ичинде көргөн көрүнүштөй болот.

8 Ачка киши түшүндө тамак жегендей болот, бирок ойгонсо, ачка. Суусаган киши түшүндө суу ичкендей болот, бирок ойгонсо, кыйналып жатат, суусап жатат. Сион тоосуна каршы согушкан сансыз эл так ошондой болот.

**Жалган ишеним жөнүндө**

9 Таң калгыла, айран-таң калгыла. Алар башкаларды сокур кылып, өздөрү да сокур болуп калышты. Алар мас, бирок шараптан эмес. Теңселип жатышат, бирок күчтүү ичимдиктен эмес.

10 Анткени Теңир силерге уктатуучу рухту жиберип, көзүңөрдү жумдурду, ал эми пайгамбарларыңардын, жол башчыларыңардын жана көрөгөчтөрүңөрдүн көзүн жапты.

11 Бардык пайгамбарчылыктар силер үчүн мөөр басылган китептеги сөздөрдөй, ал китепти окуганды билген кишиге берип: «Муну оку», – дешет, ал: «Окуй албайм, анткени ага мөөр басылган», – деп жооп берет.

12 Анан ал китепти окуганды билбеген кишиге берип: «Муну оку», – дешет, ал: «Мен окуганды билбейм», – деп жооп берет.

13 Ошондо Теңир мындай деди: «Бул эл Мага оозу менен жакындайт, Мени тили менен урматтайт, бирок жүрөгү Менден алыс. Үйрөнүп алган адамдык эрежелерин алар Менден коркуу деп эсептешет.

14 Ошондуктан Мен бул элди кайрадан укмуштуу бир керемет менен таң калтырам, ошондо анын даанышмандарынын даанышмандыгы жоголот, акылмандары акылынан ажырайт».

15 Теңирден өз оюн жашырыш үчүн, тереңдикке бекингиси келгендерге кайгы! Алар өз иштерин караңгылыкта кылып: «Бизди ким көрмөк эле? Бизди ким билмек эле?» – дешет.

16 Кандай акылсыздык! Карапачыны чопо деп эсептөөгө болобу? Буюм өзүн жасаган адам жөнүндө: «Мени ал жасаган эмес», – деп айтабы? Чыгарма өзүнүн сүрөтчүсү жөнүндө: «Ал түшүнбөйт», – деп айтабы?

**Жакыптын өзгөрөрү жөнүндө**

17 Бир аздан кийин, абдан аз убакыттан кийин Лебанон бакка айланат, ал эми бак токой деп эсептелет.

18 Ошол күнү дүлөйлөр китептин сөздөрүн угушат, караңгылык менен туманда сокурлардын көздөрү көрөт.

19 Азап чеккендер Теңир тууралуу абдан кубанышат, жакыр адамдар Ысрайылдын Ыйыгы тууралуу сүйүнүшөт.

20 Анткени мындан ары таарынтуучу болбойт, акаратчы жоголот, ошондой эле жалганды жактоочулардын бардыгы кырылышат.

21 Алар адамды сөздөрүнөн кармап, дарбазанын алдында адилеттикти талап кылгандарга тор жайышат, адилеттүүнү четке кагышат.

22 Ошондуктан Ыбрайымды күнөөдөн куткарып алган Теңир Жакып тууралуу мындай дейт: «Ошондо Жакып уятка калбайт, ошондон кийин анын жүзү кубарбайт.

23 Анткени ал өзүнүн жеринде Менин колдорум жараткан балдарын көргөндө, Менин ысымымды ыйык тутушат, Жакыптын Ыйыгын ыйык тутушат, Ысрайыл Кудайынын алдында коркуп турушат.

24 Ошондо руху менен адашкандар акылмандыкты таанып билишет, баш ийбегендер баш ийгенди үйрөнүшөт».

**30-БӨЛҮМ**

**Мисир менен келишим түзбөө жөнүндө берилген эскертүү**

1 «Баш ийбеген уулдарга кайгы! – дейт Теңир, – алар Менсиз кеңеш өткөрүшөт, Менин Рухума жакпаган келишимдерди түзүшөт. Алар күнөөнүн үстүнө күнөө кошуп жатышат.

2 Өздөрүн фараондун күчү менен бекемдеш үчүн, Мисирдин көлөкөсүнө калкаланыш үчүн, Менден сурабастан, Мисирге бара жатышат.

3 Бирок силер фараондун күчүнө таянгандыгыңар үчүн маскара болосуңар, Мисирдин көлөкөсүн баш паана кылгандыгыңар үчүн шылдыңга каласыңар.

4 Анткени Иерусалим төрөлөрү Соанга кетип калышты, анын элчилери Ханеске чейин жетишти.

5 Алардын баары өздөрүнө пайдасы тийбеген элге таянышканы үчүн уят болушат, уят менен маскарачылыктан башка ал элден жардам да, пайда да жок.

6 Түштүккө бара жаткан жаныбарларга артылган жүк ургаачы арстандар, эркек арстандар, уулуу жыландар, учуучу жыландар чыккан эзүүчүлөр менен кысымга алуучулардын жерине бара жатат. Алар өздөрүнө пайда келтирбей турган элге эшектердин кыр аркасына байлык, төөлөрдүн өркөчүнө асыл буюм жүктөп бара жатышат.

7 Анткени Мисирдин жардамы – пайдасыз, куру жардам. Ошондуктан Мен аларга: “Алардын күчү тынч отурууда”, – деп айткам.

**Козголоңчул Жүйүт жөнүндө**

8 Эми бар, бул сөздү алардын тактайына жазып кой, бул сөздү китепке жазып кой, ал сөз акыркы күнгө чейин, түбөлүккө калсын».

9 Анткени бул эл – моюн сунбас эл, балдары – калпычы, Теңирдин мыйзамын уккусу келбеген балдар.

10 Алар көрөгөчтөргө: «Алдын ала көргөнүңөрдү токтоткула», пайгамбарларга: «Бизге чындыкты айтпагыла, бизге жакканды айткыла, жагымдуу нерселерди алдын ала айткыла.

11 Жолубузга турбагыла, жолдон четтегиле, Ысрайылдын Ыйыгын биздин көзүбүздөн жоготкула», – дешет.

12 Ошондуктан Ысрайылдын Ыйыгы мындай дейт: «Силер бул сөздү четке кагып, алдамчылыкка ишенип, жалганга таянганыңар үчүн,

13 бул мыйзамсыздык силер үчүн кулоо коркунучу алдында турган бийик дубалдагы аңырайып ачылып турган жаракадай болот. Ал дубалдын кыйрашы күтүлбөгөн жерден, көз ирмемде болот».

14 Чопо идишти бырын-чырынын чыгарып талкалагандай, Теңир аны аёосуз талкалайт, анын сыныктарынан очоктон чок алганга же кудуктан суу сузуп алганга сынык да табылбай калат.

15 Анткени Ысрайылдын Ыйыгы, Кудай-Теңир, мындай дейт: «Өз ордуңарда калсаңар жана тынчсызданбасаңар, куткарылмаксыңар. Силердин күчүңөр тынчтыкта жана таянууда». Бирок силер каалаган жоксуңар:

16 «Жок, биз атка минип качып кетебиз», – дедиңер, ошон үчүн качасыңар. «Биз күлүк аттарга минип чаап кетебиз», – дедиңер, ошон үчүн силердин артыңардан куугандар да күлүк болушат.

17 Бир адам коркутса, миңиңер качасыңар; беш адам коркутса, качканыңардан калганы бийик тоонун башындагы каскактай, дөбөдөгү туудай болот.

18 Ошон үчүн Теңир силерге ырайым кылуусун создуктуруп жатат, силерге боорукердик көрсөтүүсүн токтотуп жатат, анткени Теңир – акыйкат Кудай. Аны күткөндөрдүн баары бактылуу!

**Кудайдын Өз элине батасын берери жөнүндө**

19 Эл Сион тоосунда, Иерусалимде жашайт, сен көп ыйлабайсың, Ал сенин ыйыңдын үнүн угуп, сага ырайым кылат, Ал сага үнүңдү угары менен жооп берет.

20 Теңир силерге кайгырганыңарда нан, муктаж болгонуңарда суу берет. Устаттарыңар жашынбай калат, устаттарыңды көрүп турасың.

21 Эгерде оңго же солго бурулуп кетсеңер, кулагың артыңдан «Жол мына, ушул жол менен жүргүлө» деген сөздү угат.

22 Ошондо күмүш менен капталган жасалма кудайларыңды жана алтын менен капталган буркандарыңды жийиркеничтүү деп эсептейсиң. Сен аларды таза эмес нерсе катары ыргытасың, аларга: «Жогол бул жерден», – деп айтасың.

23 Ошондо Ал сенин талаага сепкен үрөнүңө жамгыр берет, наның, жериңдин түшүмү мол жана ширелүү болот. Ошол күнү малың кенен жайыттарга жайылат.

24 Жер айдаган өгүздөрүң да, эшектериң да күрөк менен, сапыргыч менен тазаланган туздуу тоют жейт.

25 Чоң кыйроо болгон күнү, мунаралар кулаганда, ар бир бийик тоодо, ар бир бийик дөңсөөдө агын суулар, өзөндөр агат.

26 Теңир Өз элинин жараатын таңган күнү, дартын айыктырган күнү ай жарыгы күн жарыгындай болот, ал эми күн жарыгы жети эсе жарык болот, жети күндүн жарыгындай болот.

**Ысрайылдын душмандарынын жазаланары жөнүндө**

27 Мына, Кудайдын ысымы алыстан келе жатат, Анын каары жалындап жатат, анын жалыны күчтүү, Анын оозу жаалга толгон, Анын тили бардыгын жалмап салуучу оттой.

28 Анын деми ташыган суудай, ал моюнга чейин көтөрүлүп, элдерди алсырата сапырган ташкын суудай. Ошондо элдердин ооздорунда адашууга багыттаган ооздук болот.

29 Ал эми силер ыйык майрамдын түнүндөгүдөй ырдайсыңар, жүрөгүңөр Теңирдин тоосуна, Ысрайылдын аскасына чоор менен чыгып бара жаткан адамдын жүрөгүндөй кубанат.

30 Ошондо Теңир Өзүнүн улуу үнү менен күркүрөйт, Өзүнүн жазалоочу булчуңунун күчүн катуу каары, баарын жалмаган оттун жалыны, бороон, ташкын, таш мөндүр аркылуу көрсөтөт.

31 Анткени Теңирдин үнүнөн таяк менен талкаланган Ашур титирейт.

32 Ал үчүн белгиленген, Теңирдин ага каршы жиберген таягынын ар бир кыймылы даптын жана лиранын коштоосунда болот. Ал ага каршы бардыгын кыйратуучу согуш менен барат.

33 Анткени Топет мурун эле курулган. Ал падыша үчүн да терең, кенен даярдалган. Очогунда оту да, отуну да мол. Теңирдин деми аны күкүрттүн агымындай күйгүзүп кетет.

**31-БӨЛҮМ**

**Кудайдын Иерусалимди коргору жөнүндө**

1 Мисирликтердин аттарынын көптүгүнө үмүт кылып, майдан арабаларынын көптүгүнө таянып, атчандарынын күчүнө ишенип, Мисирге жардам сурап бара жаткандарга кайгы! Алар Ысрайылдын Ыйыгына үмүттөнүшкөн жок, Теңирге жардам сурап кайрылышкан жок!

2 Бирок Теңир акылман, мүшкүл салат, Өзүнүн сөзүн ишке ашырбай койбойт. Мыйзамсыздардын үйүнө, мыйзамсыз иштерди кылгандардын жардамына каршы чыгат.

3 Мисирликтер – Кудай эмес, адамдар. Аттары – рух эмес, эт. Теңир колун сунганда, коргоочу мүдүрүлөт, коргонуучу кулайт, баары бирге өлүшөт.

4 Анткени мага Теңир мындай деп айтты: «Өзүнүн олжосунун үстүндө ырылдаган арстан, жаш арстан, өзүнө каршы көптөгөн койчулар кыйкырса да, алардын кыйкырыгынан солк этпейт, алар көп болсо да, өзүнүн олжосун бербейт. Ошол сыңары, Себайот Теңир да Сион тоосу үчүн, анын адырлары үчүн салгылашканы түшүп келет».

5 Канаттуулар балапанын коргогондой, Себайот Теңир Иерусалимди коргойт. Теңир аны коргойт, куткарат, аяйт, сактап калат.

6 Ысрайыл уулдары, Кимдин алдында ушунчалык көп күнөөгө батсаңар, Ошонун Өзүнө кайрылгыла!

7 Ошол күнү ар бир адам өзүнүн күмүш кудайларын, алтын кудайларын ыргытат. Аларды өз колуңар менен жасап, күнөөгө баткансыңар.

8 «Ашур адамдын кылычынан өлбөйт, аны адамдын кылычы кырбайт, ал кылычтан качып кутулат, анын уландары салык ордуна кетет.

9 Коркконунан өз сепилинин жанынан өтө качат. Туудан анын төрөлөрүнүн үрөйү учат», – дейт оту Сиондо, очогу Иерусалимде болгон Теңир.

**32-БӨЛҮМ**

**Акыйкат бийлик жүргүзгөн падыша**

1 Мына, Падыша акыйкаттык менен падышачылык кылат, төрөлөр мыйзам боюнча башкарышат.

2 Алардын ар бири шамалдан коргоочу коргонучтай, жаан-чачындан калкалоочу калканычтай, чөлдөгү суу булагындай, какшыган жердеги бийик асканын көлөкөсүндөй болот.

3 Көрүп тургандардын көздөрү жумулбайт, угуп тургандардын кулактары угат.

4 Жеңил ойлуулардын жүрөгү ой жүгүртө ала тургандай болот, кекечтер таптак сүйлөшөт.

5 Акылсыздарды урматтуу деп атабай калышат, кара ниет адамды чынчыл деп айтпай калышат.

6 Анткени акылсыз акылсыздыкты сүйлөйт, анын жүрөгү мыйзамсыздык жөнүндө ойлойт, эки жүздүүлүк менен иш кылат, Теңирге акарат келтирет, ачканы нанынан ажыратат, суусагандын суусун тартып алат.

7 Кара ниет адамдын иштери да – өлүмгө алып баруучу иштер: ал кедейдики туура болгонуна карабастан, аны жалган сөздөр менен өлтүрүүнүн жолун ойлойт.

8 Ал эми чынчыл адам чындык жөнүндө ойлойт жана чындыкта бекем турат.

**Эскертүү жана убада**

9 Камырабаган аялдар! Тургула, менин үнүмдү уккула! Бейкам жаткан кыздар! Менин сөздөрүмө кулак түргүлө!

10 «Бир жыл, бир нече күн өткөндөн кийин үрөйүңөр учат, камырабагандар, анткени жүзүм жыйноо болбойт, түшүм жыйноо мезгили келбейт.

11 Титирегиле, камырабагандар! Корккула, бейкам жаткандар! Кийимиңерди чечкиле, зумбал кийгиле, белиңерди буугула!

12 Сонун талаалар жөнүндө, мөмөлүү жүзүм сабагы жөнүндө кайгырып, көкүрөгүңөрдү койгулайсыңар.

13 Кубанычка баткан шаардагы көңүл ачуучу бардык үйлөрдү тикенек, отоо чөп баскандай, Менин элимдин жерин да тикенек, отоо чөп басат».

14 Анткени ак сарайларды таштап кетишет, шаңдуу шаар ээн калат. Чеп менен мунара түбөлүккө үңкүр ордуна кызмат кылат, жапайы эшектер менен жайылып жүргөн малга баш паана болот.

15 Бизге жогорудан Рух төгүлгөнгө чейин, чөл бакка айланганга чейин, бакты токой деп эсептешкенге чейин ошондой болот.

16 Ошондо бул чөлгө акыйкаттык орнойт, берекелүү, түшүмдүү жерде адилеттик өкүм сүрөт.

17 Акыйкаттыктын иши тынчтык болот, адилеттиктин жемиши бейпилдик жана түбөлүк коопсуздук болот.

18 Ошондо менин элим бейпил жерде, коопсуз айыл-кыштактарда, тынч турак жайларда жашайт.

19 Токойго мөндүр жаайт, шаар өрөөнгө түшөт.

20 Суулардын жээгине эгин эккендер, ал жерге өгүзү менен эшегин жибергендер, силер бактылуусуңар.

**33-БӨЛҮМ**

**Жардам сурап сыйынуу жөнүндө**

1 Кыйратылбаган кыйратуучу, таланбаган талоончу, кайгы сага! Сен кыйратып бүткөндөн кийин, өзүң да кыйратыласың. Сен талап-тоноочулугуңду токтоткондон кийин, сени да талап-тоношот.

2 Теңир! Бизге ырайым кыл, биз Сенден үмүттөнөбүз. Таң сүргөндөн тартып биздин каруу-булчуңубуз боло көр, кыйын-кыстоо күндөрдө биздин куткаруучубуз боло көр!

3 Сенин коркунучтуу добушуңдан элдер качышат, Сенин улуулугуңдан уруулар чачырайт.

4 Силердин олжоңорду кырк аяк жыйнагандай жыйнашат, олжоңорго чегиртке тийгендей тийишет.

5 Жогоруда жашаган Теңир улуу. Ал Сионду адилеттикке жана акыйкаттыкка толтурат.

6 Ошондо сенин коопсуз күндөрүң келет, куткарылуу, акылмандык жана билим мол болот. Кудайдан коркуу сенин байлыгың болот.

7 Мына, алардын күчтүүлөрү көчөлөрдө кыйкырып жатышат. Тынчтыктын элчилери катуу ыйлап жатышат.

8 Жолдор ээн калды. Саякаттап жүргөндөр жок. Ал келишимди бузду, шаарларды кыйратты, адамдарды барк албай калды.

9 Жер кайгырып, кургап жатат. Лебанон маскара болуп, соолуп калды. Шарон чөлгө окшоп калды, Башан менен Кармел жалбырактары түшүп, жылаңач калды.

**Кудайдын соту жөнүндө**

10 «Азыр мен турам, – дейт Теңир, – азыр өйдө турам, азыр көтөрүлөм.

11 Силердин боюңарда чөп бар, саман төрөйсүңөр. Демиңер – от, ал өзүңөрдү жалмайт.

12 Элдер күйүп жаткан акиташтай болушат, кыйылган тикенектей болуп отко өрттөлүшөт.

13 Алыстагылар, Менин эмне кыларымды уккула, жакындагылар, силер да Менин кудуретимди таанып билгиле».

14 Сиондогу күнөөкөрлөрдүн жүрөктөрү түшүп калды. Кудайсыздарды калтырак басты: «Биздин арабыздан ким жалмаган от ичинде жашай алат? Биздин арабыздан ким түбөлүктүү жалындын ичинде жашай алат?»

15 Чындыктын жолунда жүргөн, чындыкты сүйлөгөн адам жашай алат. Талап-тоноодон тапкан пайданы жек көргөн, парадан колун тарткан, кан төгүүнү уккусу келбей кулагын жапкан, кыянаттыкты көргүсү келбей көзүн жумган адам жашай алат.

16 Ал бийиктиктерде жашайт. Анын баш паанасы – адам бара алгыс аска, ага нан берилет, суусу түгөнбөйт.

**Жаркын келечек**

17 Сенин көзүң Падышаны бүт сулуулугу менен көрөт, алыскы жерди көрөт.

18 Жүрөгүңдө коркунучтар тууралуу эскерүүлөр гана калат: «Каттоо жүргүзүүчү кайда? Салыкты таразага тартуучу кайда? Мунараны карап чыгуучу кайда?»

19 Мындан ары каардуу элди, так эмес, ачык эмес, таң каларлык, түшүнүксүз тилде сүйлөгөн элди көрбөйсүң.

20 Биздин майрамдык чогулуштар өткөн Сион шаарыбызга көз чаптыр. Сенин көздөрүң бекем жыйын чатырын, бейпил турак болгон Иерусалимди көрөт. Анын мамылары эч качан жулунбайт, анын бир да арканы үзүлбөйт.

21 Ал жерде биздин улуу Теңир дарыялардын ордуна, жазы каналдардын ордуна болот. Ал жерге бир да калактуу кайык кирбейт, чоң кеме өтпөйт.

22 Анткени Теңир биздин сотубуз, Теңир биздин мыйзам чыгаруучубуз, Теңир биздин падышабыз: Ал бизди куткарат.

23 Сенин аркандарың бошоп калды, мачталарды кармай албайт, парустарды тарта албайт. Ошондо чоң олжо бөлүнөт, аксактар да талап-тоногонго барышат.

24 Ошондо тургундардын бири да: «Мен ооруп жатам», – деп айтпайт. Ал жерде жашаган элдин күнөөсү кечирилет.

**34-БӨЛҮМ**

**Элдердин жазаланары жөнүндө**

1 Элдер, жакын келгиле, уруулар, уккула, кулак салгыла! Жер жана аны толтуруп тургандын бардыгы, аалам жана анда жаралгандардын баары уксун!

2 Анткени Теңирдин ачуусу бардык элдерге, Анын каары бүт жамаатка төгүлөт. Теңир аларды жок кылат, өлтүрөт.

3 Ошондо алардын өлтүрүлгөндөрү чачылып ташталат, алардын өлүктөрүнөн сасык жыт чыгат, алардын канынан тоолор эрийт.

4 Бардык асман кошуундары чирийт, асман түрмөк китептей түрүлөт, анын бүт кошуундары жүзүм сабагынын жалбырактары күбүлгөндөй, анжырдын куураган жалбырактары күбүлгөндөй күбүлүп түшөт.

5 «Анткени Менин кылычым асманда канга тойду. Мына, ал Эдомду жана Мен каргышка калтырган элди жазалаш үчүн түшүп келе жатат».

6 Теңирдин кылычы канга малынат, майга, козулар менен текелердин канына, койлордун бөйрөк майларына семирет, анткени Теңирдин курмандыгы Ботсрада, чоң мууздоо Эдом жеринде.

7 Алар менен кошо топоздор, өгүздөр менен кошо букачарлар өлөт, жер алардын канына тоёт, топурак алардын майына семирет.

8 Анткени бул – Теңирдин өч алуу күнү, Сион үчүн жазалай турган жыл.

9 Анын дарыялары чайырга айланат, топурагы күкүрткө айланат, ошентип, анын жери күйүп турган чайыр болот:

10 ал күндүз да, түн ичинде да өчпөйт. Анын түтүнү түбөлүккө көтөрүлүп турат. Ал жер укумдан-тукумга ээн калат. Ал жерден кылымдар бою эч ким өтпөйт.

11 Ал жерди биргазан менен кирпи ээлейт, ал жерге үкү менен кузгун уялайт, анын үстүнөн кыйратуучу аркан жана жок кылуучу салмоор тартышат.

12 Ал жерде анын атактууларынын ичинен падышачылыкка чакырганга эч ким калбайт, бүт төрөлөрү эч нерсеге арзыбай калышат.

13 Анын ак сарайларын тикендүү өсүмдүктөр, сепилдерин чалкан менен уйгак басат, ал жер чөөлөргө ийин, төө куштарга түнөк болот.

14 Чөл жырткычтары жапайы мышыктар менен жолугушат, текелер бири-бири менен үн алышып чакырышат. Ал жерде түнкү албарсты эс алат жана өзүнө тынчтык табат.

15 Ал жерге учуучу жылан уялап, жумуртка басып, балдарын чыгарат, аларды өзүнүн көлөкөсүнүн астына чогултат. Ал жерге жорулар да чогулушат.

16 Теңирдин китебинен издеп таап окугула. Алардын бири да болбой койбойт, бири экинчиси менен алмаштырылбайт, анткени Теңир Өз оозу менен буйрук кылган, аларды Анын Руху Өзү чогултат.

17 Аларга Теңир Өзү өкчөмө таш ыргыткан, аларга жерди Анын колу чен аркан менен бөлүп берген. Алар ал жерди түбөлүккө ээлешет, ал жерде укумдан-тукумга жашашат.

**35-БӨЛҮМ**

**Кудайдын элинин сооронушу. Ысрайылдын чогулушу**

1 Чөл менен какшыган жер кайрадан кубанат, эл жашабаган өлкө кайрадан сүйүнөт, нарцисс сыяктуу гүлдөйт.

2 Ал сонун болуп гүлдөп, кубанат, салтанат куруп кубанып турат. Ага Лебанондун атагы, Кармел менен Шарондун көркү берилет. Алар Теңирдин даңкын, биздин Кудайыбыздын улуулугун көрүшөт.

3 Алсыраган колуңарды чыңдагыла, титиреген тизеңерди бекемдегиле.

4 Коркокторго айткыла: «Бекем болгула, коркпогула. Мына, силердин Кудайыңар келет, Ал өч алыш үчүн келет, жазалоочу Кудай келип, силерди куткарат».

5 Ошондо сокурлардын көздөрү ачылат, дүлөйлөрдүн кулактары ачылат.

6 Ошондо аксак бугудай секирет, дудук ырдайт, анткени чөлдөн суулар, талаалардан өзөндөр атырылып чыгат.

7 Кургак жер көлгө айланат, суусуз жер суу булагына айланат, чөөлөр жашаган жер камыш, жылгын өскөн жерге айланат.

8 Ал жерде чоң жол болот, ал жол ыйык жол деп аталат. Ал жол менен таза эместер басышпайт, ал жол менен алар гана басышат. Ал жол менен бара жаткан адамдар, атүгүл, тажрыйбасыз адамдар да адашпайт.

9 Ал жерде арстан болбойт, ал жолго жырткыч айбан чыкпайт, аны ал жерден таппайсың, ал жол менен куткарылгандар гана жүрүшөт.

10 Теңир куткаргандар кайтып келишет, Сионго кубанычтуу кыйкырык менен келишет, алардын баштарын түбөлүктүү кубаныч курчайт, алар шаттык жана кубаныч табышат, кайгы менен үшкүрүк жок болот.

**36-БӨЛҮМ**

**Санхейриптин кол салышы**

1 Хиския падышанын падышачылыгынын он төртүнчү жылында Ашур падышасы Санхейрип Жүйүттүн чептүү шаарларынын баарына кол салып, аларды басып алды.

2 Ашур падышасы Иерусалимге, Хиския падышага Лакиштен Рапшакты көп аскер менен жөнөттү. Ал жуугучтун талаасына кеткен жолдогу жогорку көлмөнүн суу түтүгүнүн жанына келип токтоду.

3 Аны ак сарай башчысы Хилкиянын уулу Элийаким, катчы Шебна, тарыхчы Асап уулу Жаах тосуп чыкты.

4 Аларга Рапшак мындай деди: «Хискияга айткыла: Улуу падыша, Ашур падышасы, мындай дейт: Сен деги эмнеге таянып жатасың?

5 Мунун баары куру сөз деп ойлойм, согуш үчүн кеңеш жана күч керек. Сен кимге таянып жатасың? Менден эмнеге бөлүнүп чыктың?

6 Сен ушул сынган таякка – Мисирге таянам деп ойлойсуң. Ага ким таянса, ал анын колуна кирип, колун тешип кетет! Мисир падышасы фараонго таянгандарга мына ушундай болот.

7 Эгерде сен мага: “Биз Кудай-Теңирибизге таянабыз”, – десең, анда Кудайыңардын бийик жерлери менен курмандык чалынуучу жайларын Хиския алып таштап, Жүйүт менен Иерусалимге: “Мына ушул курмандык чалынуучу жайлардын алдында гана табынгыла”, – дебеди беле, ошол Кудайыңарга таянып жатасыңарбы?

8 Ошондуктан менин мырзам Ашур падышасы менен келишим түз. Мен сага эки миң ат берем, аларга мине турган кишилерди таба аласыңбы?

9 Майдан арабалары менен аттары үчүн Мисирге таянып, сен менин мырзамдын кичине кулдарынын бири болгон жол башчыны артка чегинүүгө кантип мажбур кыласың?

10 Мен бул жерди кыйратканы Кудайдын эркисиз келдим беле? Теңир мага: “Ушул өлкөгө бар, аны кыйрат”, – деп айткан».

11 Ошондо Элийаким, Шебна жана Жаах Рапшакка: «Кулдарыңа арамей тилинде сүйлө, анткени биз түшүнөбүз, дубалдын үстүндөгү элге угуза биз менен жүйүт тилинде сүйлөшпө», – дешти.

12 Рапшак аларга: «Мырзам мени ушул сөздү айт деп, мырзаң экөөңөргө эле жиберди беле? Жок, дубалдын үстүндө отурган кишилер силер менен кошо өз заңын өздөрү жесин, өз заарасын өздөрү ичсин деп, мени ошолорго да жиберген», – деди.

13 Анан Рапшак ордунан туруп, жүйүт тилинде мындай деп катуу кыйкырды: «Улуу падыша Ашур падышасынын сөзүн уккула!

14 Падыша мындай дейт: Хиския силерди азгырбай эле койсун, анткени ал силерди куткара албайт.

15 “Бизди Теңир куткарат, бул шаар Ашур падышасынын колуна салынып берилбейт”, – деп, Хиския силерди Теңир менен үмүттөндүрбөй эле койсун.

16 Хискияны укпагыла, анткени Ашур падышасы мындай дейт: “Мени менен элдешкиле, мени тосуп чыккыла. Ар ким өз жүзүм сабагынын жемишин, өз анжырын жесин, ар ким өз кудугунан суу ичсин.

17 Мен келип, силерди өзүңөрдүкүндөй болгон, эгини, шарабы мол жерге, жемишке, жүзүмзарга бай жерге алып бармайынча, ошенткиле”.

18 Ошондуктан Хиския силерди: “Бизди Теңир куткарат”, – деп азгырбасын. Кайсы элдин кудайы өз жерин Ашур падышасынын колунан сактап калды эле?

19 Хамат менен Арпаттын кудайлары кайда? Сепарбайымдын кудайлары кайда? Алар менин колумдан Самарияны сактап калышты беле?

20 Бул жерлердин кудайларынын кайсынысы өз жерин менин колумдан сактап калды эле? Анан кантип Теңир Иерусалимди менин колумдан сактап калсын?»

21 Бирок алар унчугушкан жок, ага бир сөз менен да жооп беришкен жок, анткени падышанын «Ага жооп бербегиле» деген буйругу бар эле.

22 Падыша сарайынын башчысы Хилкия уулу Элийаким, катчы Шебна, тарыхчы Асап уулу Жаах Хискияга айрылган кийимдери менен келишип, Рапшактын сөздөрүн айтып беришти.

**37-БӨЛҮМ**

**Хискиянын Ышайага кайрылышы**

1 Хиския падыша муну укканда, кийимин айрып, зумбал жамынып, Теңир үйүнө барды.

2 Ал падыша сарайынын башчысы Элийакимди, катчы Шебнаны жана зумбал жамынган башкы ыйык кызмат кылуучуларды Амостун уулу Ышайа пайгамбарга жөнөттү.

3 Алар ага келип, мындай деп айтышты: «Хиския мындай дейт: Бул күн – кайгы тарта турган, жазалана турган, маскаралана турган күн, анткени курсактагы балдар жатындын оозуна келип калышты, бирок энелердин төрөгөнгө күчү жок.

4 Тирүү Кудайга акарат келтирип, тил тийгизиш үчүн, мырзасы, Ашур падышасы жиберген Рапшактын сөздөрүн Кудай-Теңириң угуп, ушул сөздөрдү айткандыгы үчүн, аны жазаласа экен. Тирүү калган эл үчүн сыйын».

**Теңирдин Өзүнүн эркин Ышайага ачып бериши**

5 Хиския падышанын кызматчылары Ышайага келишти.

6 Ышайа аларга мындай деди: «Мырзаңарга мындай деп айткыла: Теңир мындай дейт: “Ашур падышасынын кызматчыларынын Мага тил тийгизип айткан сөздөрүнөн коркпо.

7 Мен ага бир рух жиберем, ал бир кабар угуп, өз жерине кайтат, ошондо Мен аны өз жеринде кылыч менен өлтүрөм”».

**Санхейриптин кайрадан кол салышы**

8 Рапшак Ашур падышасынын Лакиштен кеткенин угуп, кайтып келсе, ал Либна менен согушуп жатыптыр.

9 Ашур падышасына Эфиопия падышасы Тирак жөнүндө «Ал сени менен согушууга чыкты» деген кабар айтышты. Ал муну угары менен элчилерин Хискияга жөнөтүп, мындай деп айттырды:

10 «Жүйүт падышасы Хискияга мындай деп айткыла: “Сен таянган Кудайың: "Иерусалим Ашур падышасынын колуна салынып берилбейт", – деп, сени алдабай эле койсун.

11 Ашур падышаларынын башка жерлерди эмне кылганын, аларды талкалаганын уккансың да, анан сен аман калмак белең?

12 Менин ата-бабаларым бүлүнткөн элдерди кудайлары сактап калды беле? Гозан, Харан жана Ретсеп Теласардагы Эден уулдарын сактап калышты беле?

13 Хамат, Арпат, Сепарбайым, Эйна жана Иба шаарларынын падышалары кана?”»

14 Хиския элчилердин колунан катты алып окуду да, Теңир үйүнө барып, аны Теңирдин алдына жайды.

15 Анан Хиския Теңирдин алдында мындай деп сыйынды:

16 «Керуптардын үстүндө отурган Ысрайылдын Кудайы, Себайот Теңир! Жер жүзүндөгү бардык падышачылыктардын Кудайы жалгыз Сенсиң, асман менен жерди Сен жаратканысың.

17 Теңир, кулак сала көр, Теңир, көздөрүңдү ачып, назар сала көр. Киши жиберип, тирүү Кудай Сага тил тийгизген Санхейриптин сөздөрүн ук.

18 Оо Теңир, Ашур падышаларынын бүт өлкөлөрдү, алардын жерлерин кыйратышканы чын.

19 Алардын кудайларын отко ыргытышкан, бирок алар кудайлар эмес эле, адамдын колу менен жасалган буюм, жыгач, таш болчу. Ошондуктан аларды жок кылышкан.

20 Кудай-Теңирибиз, эми бизди анын колунан сактай көр, ошондо, Теңир, Сенин жалгыз Кудай экениңди бардык падышачылыктар билишет».

**Кудайдын Ышайа аркылуу берген жообу**

21 Амостун уулу Ышайа Хискияга мындай деп айттырып жиберди: «Ысрайылдын Кудай-Теңири мындай дейт: “Мен сенин Ашур падышасы Санхейрип жөнүндөгү сыйынууңду уктум.

22 Теңирдин ал жөнүндө айткан сөзү мындай: Сиондун эркек көрө элек кызы сени жек көрөт, сени шылдыңдап күлөт, Иерусалим кызы артыңдан башын чайкайт.

23 Сен кимге тил тийгиздиң, кимди шылдыңдадың? Кимге үнүңдү көтөрдүң, кимге текеберденип карадың? Ысрайылдын Ыйыгына.

24 Кулдарың аркылуу Теңирге акарат келтирип: "Мен өзүмдүн көп сандаган майдан арабаларым менен тоолордун чокусуна, Лебанондун эң бийик жерлерине чыктым. Эми анын бийик кедр дарактарын, эң сонун кипаристерин кыям, анын эң алыскы жерлерине, эң жакшы токоюна келем.

25 Кудук казып, суу ичтим. Эми Мисирдин бардык дарыяларын таманым менен какшытам", – дедиң.

26 Муну Мен мурун эле кылганымды, байыркы заманда эле алдын ала белгилеп койгонумду уккан жок белең? Сен азыр ошону ишке ашырдың, чептүү шаарларды кыйратып, үйүлгөн урандыга айланттың.

27 Алардын тургундары кайратын жоготуп, титиреп, уятка калып жатышат. Алар талаадагы чөптөй, назик өсүмдүктөй, чатырдын үстүнө чыккан чөптөй, баш алгыча эле күйүп кеткен эгиндей болушту.

28 Мен сенин отурганыңды да, чыкканыңды да, киргениңди да – баарын билем. Мага текеберденип тил тийгизгениңди да билем.

29 Мага текеберденип тил тийгизгендигиң үчүн, менменсингендигиң Менин кулагыма жеткендиги үчүн, Мен сенин танооңо шакегимди, оозуңа ооздугумду салып, келген жолуң менен артка кетирем.

30 Хиския, сага мындай жышаан берем: бул жылы түшүп калган дандан өсүп чыкканын, кийинки жылы өзү өсүп чыкканын жегиле, ал эми үчүнчү жылы аштык сээп оруп алгыла, жүзүм отургузуп, мөмөсүн жегиле.

31 Жүйүт тукумунун аман калгандары кайрадан тамырын төмөн жайып, жогору жагынан түшүм берет.

32 Анткени Иерусалимден калдык чыгат, Сион тоосунан куткарылгандар чыгат". Муну Себайот Теңирдин кызганычы ишке ашырат.

33 Ошондуктан Теңир Ашур падышасы жөнүндө мындай дейт: "Ал бул шаарга кирбейт, ал жакка бир да жебе атпайт, ага калкан менен да жакын келбейт, ага каршы жал үйбөйт.

34 Келген жолу менен артка кайтат, бул шаарга кирбейт, – дейт Теңир.

35 Мен бул шаарды Өзүм үчүн, Өзүмдүн кулум Дөөт үчүн куткарам жана коргойм"».

36 Ошондо Теңирдин периштеси чыгып, Ашур кошуунунан жүз сексен беш миң адамды өлтүрдү. Эртең менен туруп, өлүп жаткан адамдарды көрүштү.

37 Ошондо Ашур падышасы Санхейрип артка чегинип, келген жолу менен артка кайтты. Ал өзү жашаган Нинебиге кайтып барды.

38 Ал өзүнүн кудайы Нисрох үйүндө табынып жатканда, аны уулдары Адрамелек менен Саретсер кылыч менен өлтүрүп, Арарат жерине качып кетишти. Анын ордуна уулу Эйсар-Хадон такка отурду.

**38-БӨЛҮМ**

**Хискиянын оорушу жана айыгышы**

1 Ошол күндөрү Хиския абдан катуу ооруп калды. Ошондо ага Амостун уулу Ышайа пайгамбар келип: «Теңир мындай дейт: "Өз тукумуңа мурас кагазын калтыр, анткени сен өлөсүң, айыкпайсың"», – деди.

2 Хиския жүзүн дубалга буруп, Теңирге мындай деп сыйынды:

3 «Оо Теңир! Сенин алдыңда туура жүргөнүмдү, Сага чын жүрөгүмдөн берилип, Сага жаккан иштерди кылганымды эстей көр». Анан Хиския катуу ыйлады.

4 Ошондо Ышайага Теңирден мындай сөз айтылды:

5 «Хискияга барып, мындай деп айт: Сенин атаң Дөөттүн Кудай-Теңири мындай дейт: "Мен сенин сыйынууңду уктум, көз жашыңды көрдүм, Мен сенин өмүрүңө дагы он беш жыл кошом.

6 Сени жана бул шаарды Ашур падышасынын колунан сактайм, бул шаарды коргойм".

7 Теңир Өзү айткан сөздү аткарарын ырасташ үчүн берген жышаан бул:

8 Ахаздын тепкичтери менен өтүп кеткен күндүн көлөкөсүн Мен он тепкич артка жылдырам». Ошондо күн өзү өтүп кеткен он тепкичке артка жылды.

9 Жүйүт падышасы Хискиянын ооруп жаткандагы жана оорудан айыккандагы сыйынуусу:

10 «”Жарым өмүрүм өткөндө өлгөндөр жаткан жайга баруум керек. Мен калган өмүрүмдөн ажырап калдым”, – дегем.

11 Мен мындай деп айткан элем: “Эми мен Теңирди көрбөйм, Теңирди тирүүлөрдүн жеринен көрбөйм, мындан ары дүйнө жүзүндө жашагандарды көрбөйм.

12 Менин турак жайым турган жеринен чечилип, койчунун алачыгындай болуп учуп кеткени жатат, токуучу жип кескендей, мен өз өмүрүмдү кесүүгө тийишмин. Ал мени тамырымдан кесет. Сен мага жибере турган өлүмдү күн да, түн да күттүм.

13 Мен таң атканга чейин күттүм. Ал арстанга окшоп, менин сөөктөрүмдү талкалады. Сен мага жибере турган өлүмдү күн да, түн да күттүм.

14 Мен каркыра менен чабалекейдей болуп үн чыгарып жаттым, көгүчкөндөй куса болуп жаттым. Көздөрүм асманды муңая карап жатты: Теңир! Мен кыйналып турам, куткар мени!

15 Мен эмне деп айта алам? Ал мага айтканын аткарды. Жанымдын кыйналганына карабастан, бүт өмүрүмдү тынч өткөрөм.

16 Теңир! Ушинтип жашап жатышат, ушунун бардыгында менин рухумдун жашоосу бар. Сен мени айыктырасың, мага өмүр бересиң.

17 Катуу кайгы мен үчүн жакшы болду. Сен менин жанымды өлүм орунан куткарып алдың, менин күнөөлөрүмдүн бардыгын Өзүңдүн артыңа таштадың.

18 Анткени Сени өлгөндөр жаткан жай даңктабайт, Сени өлүм мактабайт, Сенин чындыгыңа мүрзөгө түшкөндөр таянышпайт.

19 Азыр мен даңктап жаткандай, Сени тирүү адам, тирүү адам гана даңктайт. Атасы балдарына Сенин чындыгыңды кабарлайт.

20 Мени Теңир куткарат. Ошондо биз өмүрүбүз өткөнчө, күү аспаптардын коштоосунда Теңирдин үйүндө ырдайбыз”».

21 Анан Ышайа: «Анжырдын кабыктарын алып келип, аларды жарага жабышсын. Ошондо ал айыгат», – деди.

22 Хиския болсо: «Теңирдин үйүнө бараарыма кандай жышаан болот?» – деди.

**39-БӨЛҮМ**

**Хискиянын жаңылыштыгы**

1 Ошол кезде Бабыл падышасы Баладан уулу Меродах-Баладан Хискияга кат жана белектерди жиберди, анткени Хискиянын ооруп айыкканын уккан.

2 Хиския жиберилген элчилерге кубанып, аларга өзүнүн казына үйүн: алтын-күмүштөрүн, жыпар жыттуу заттарын, кымбат баалуу, жыпар жыттуу майларын, курал-жарак сактаган үйүн, кампаларын, аларда эмне болсо, ошонун баарын көрсөттү. Хиския өз үйүндөгү, өз падышачылыгындагы бардык нерсени көрсөттү, аларга көрсөтпөгөн эч нерсеси калган жок.

3 Ошондо Ышайа пайгамбар Хиския падышага келип: «Бул кишилер эмне дешти, алар сага кайдан келишти?» – деп сурады. Хиския ага: «Алар мага алыс жактан, Бабылдан келишти», – деп жооп берди.

4 Ышайа: «Алар сенин үйүңдөн эмнени көрүштү?» – деп сурады. Хиския: «Алар менин үйүмдө эмне болсо, ошонун баарын көрүштү. Менин казыналарымда аларга көрсөтпөгөн эч нерсе калган жок», – деп жооп берди.

5 Ошондо Ышайа Хискияга мындай деди: «Себайот Теңирдин сөзүн ук:

6 "Сенин үйүңдө эмне болсо, ошонун баарын, ата-бабаларың ушул күнгө чейин эмне жыйнап келишсе, ошонун баарын Бабылга алып кетчү күндөр келет. Эч нерсе калбайт, – дейт Теңир.

7 Сенин тукумуңдан, сенин уулдарыңдан алып кетишет, алар Бабыл падышасынын падыша сарайында эбнух болушат"».

8 Ошондо Хиския Ышайага: «Сен айткан Теңирдин сөзү жакшы», – деди. Ал: «Менин өмүрүм өткүчө тынчтык жана жыргалчылык болот», – деп ойлогондуктан ушинтип айтты.

**40-БӨЛҮМ**

**Үмүт берүүчү сөздөр**

1 «Менин элимди соороткула, соороткула, – дейт силердин Кудайыңар.

2 Иерусалимдин жүрөгүнө айткыла, ага анын күрөшүү мезгили аяктаганын жарыя кылгыла, анын күнөөсү кечирилгенин кабарлагыла, анткени ал Теңирдин колунан өзүнүн күнөөсү үчүн эки эсе жаза алды».

3 Ээн талаада жар салган адамдын үнү: «Теңирге жол даярдагыла, талаага биздин Кудайга түз жол жасагыла.

4 Ойдуңдун баары толтурулсун, тоолор менен дөңдөрдүн баары текшиленсин, ийри-буйру жерлер түздөлсүн, өңгүл-дөңгүл жолдор тегизделсин.

5 Ошондо Теңирдин даңкы келет, ар бир адам Кудайдын куткаруусун көрөт, анткени муну Теңир Өз оозу менен айтты».

6 Үн мындай дейт: «Кабарла!» Мен: «Эмнени кабарлайын?» – деп сурадым. Ар бир адам – чөп, анын сулуулугу талаа гүлдөрү сыяктуу.

7 Чөп куурайт, гүл соолуйт, Теңирдин деми элди үйлөгөндө, ал да чөпкө окшоп соолуйт.

8 Чөп куурайт, гүл соолуйт, ал эми биздин Кудайыбыздын сөзү түбөлүк турат.

9 Жакшы кабар таратуучу Сион, бийик тоого чык! Жакшы кабар таратуучу Иерусалим, үнүңдү катуу чыгар! Үнүңдү чыгар, коркпо, Жүйүт шаарларына: «Силердин Кудай мына!» – деп айт.

10 Мына, Кудай-Теңир күч менен, Анын каруу-булчуңу бийлик менен келе жатат. Анын белеги Өзү менен, Анын жазасы да Өзүнүн алдында.

11 Ал Өзүнүн койлорун койчу сыяктуу кайтарат, козуларын колуна алып, бооруна кысып көтөрүп жүрөт, саандарын жетелеп алат.

**Кудайдын улуулугу**

12 Ким сууну кочуштап өлчөдү? Ким асманды кадамдап ченеди? Ким жер топурагын идишке батырды? Ким тоолорду таразага тартты? Ким адырларды чөйчөккө салып, таразага тартты?

13 Ким Теңирдин рухун түшүндү? Ким Ага кеңешчи болду? Ким Ага акыл үйрөттү?

14 Ал ким менен кеңешет? Аны ким акылга салат? Ким Аны чындыктын жолуна салып, Ага акыл-насаат айтат? Ким Ага билим берет? Ким Ага акылмандыктын жолун көрсөтөт?

15 Мына, элдер чакадан тамган тамчыдай, таразадагы чаңдын бир бүртүгүндөй болуп эсептелинет. Мына, Ал аралдарды топурактын күкүмүндөй сапырып жатат.

16 Курмандык чалынуучу жайдын отуна Лебанон да аздык кылат, анын жаныбарлары бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка аздык кылат.

17 Анын алдында бардык элдер эч нерсе эмес. Алар Ал үчүн санда жоктуктан да, жок нерседен да төмөн болуп эсептелишет.

18 Ошондуктан силер Теңирди кимге окшоштурасыңар? Аны кайсы бейнеге салыштыра аласыңар?

19 Бурканды сүрөтчү куят, зергер аны алтын менен каптайт, күмүш чынжырларды кошо жасайт.

20 Ал эми мындай тартуу алып келе албаган адам бекем тура турган бурканды жасатыш үчүн, чирибес жыгачты тандап алып, мыкты сүрөтчүнү издейт.

21 Чын эле, силер билбейсиңерби? Чын эле, силер уккан жок белеңер? Чын эле, силерге башынан айтылган жок беле? Чын эле, силер жердин негиздерин түшүнгөн жок белеңер?

22 Ал – жер шарынын үстүндө отурган Теңир, ал эми жердин үстүндө жашагандын бардыгы Анын алдында чегиртке сыяктуу. Ал асманды жука кездемедей жазды, аны турак жай үчүн чатырдай кылып жайды.

23 Төрөлөрдү жок нерсеге, башкаруучуларды санда жоктукка айландырган – Ал.

24 Алар жаңы эле тигилип, жаңы эле себилгенде, алардын өзөгү жерге жаңы эле тамыр жайганда, Теңир аларды үйлөп койсо, алар кургап калат, аларды куюн самандай учуруп кетет.

25 «Мени кимге окшоштуруп, кимге салыштырып жатасыңар?» – дейт Ыйык.

26 Башыңарды көтөрүп, асманды карагыла, аны ким жаратты? Ким Анын кошуундарын эсеби менен чыгарып турат? Ал алардын бардыгын өз аты менен атайт: Анын кудурети күчтүү болгондуктан, күч-кубаты зор болгондуктан, эч нерсе жоголуп кетпейт.

27 Анан сен кантип: «Менин жолум Теңирден жашыруун, Кудай менин ишимди унутуп койгон», – деп айтып жатасың, Жакып, Ысрайыл, сен ушундай сөздү кантип айтып жатасың?

28 Чын эле, сен билбейсиңби? Чын эле, сен бүт жер жүзүн жараткан түбөлүктүү Кудай-Теңир чарчабас жана алсырабас экенин уккан жок белең? Анын акылы изилденгис.

29 Ал чарчаганга күч берет, алсыраганга кубат берет.

30 Уландар да чарчашат, алсырашат, жаш адамдар да мүдүрүлүшөт.

31 Ал эми Теңирден үмүттөнгөндөр кайрадан күчкө толушат, бүркүттөй болуп канаттарын көтөрүшөт, чуркашат, бирок чарчашпайт, жөнөшөт, бирок алсырашпайт.

**41-БӨЛҮМ**

**Уландысы**

1 «Аралдар, Менин алдымда унчукпай калгыла, элдер кайра күчкө толсун, алар жакын келишип: "Сот алдында бирге турабыз", – дешсин».

2 Чыгыштан адил адамды ким тургузду? Ким аны өзүнүн артынан жүрүүгө чакырды? Ким анын колуна элдерди салып берип, падышаларды багынтты? Ал аларды анын кылычы менен топуракка айландырды, анын жаасы менен шамал учурган саманга айландырды.

3 Ал аларды кубалап, эч качан буту баспаган жол менен жайбаракат бара жатат.

4 Муну ким кылды? Муну ким жүзөгө ашырды? Урууларды байыртадан чакырган ким? «Мен, Теңир, биринчимин, акыркы уруулар учурунда да Мен ошол элемин».

5 Аралдар көрүп, үрөйлөрү учту, бүт жер жүзү титиреп кетти. Алар жакындап келип, биригип калышты.

6 Ар ким өз жакынына жардамдашып, өз бир тууганына: «Кайраттан», – дейт.

7 Темир уста эритүүчүнүн көңүлүн көтөрөт, балка менен темир түздөгөн адам дөшүгө соккон адамга ширетилген жери жөнүндө «жакшы» деп айтып, бекем болуш үчүн мык менен бекитет.

8 «Ал эми сен, Ысрайыл, Өзүм тандап алган кулум Жакып, Менин досум Ыбрайымдын тукуму,

9 Мен сени жердин аягынан алгам, жер кыйырынан чакырып алып, сага мындай деп айткам: "Сен Менин кулумсуң, Мен сени тандап алдым, ошондуктан Мен сени четке какпайм".

10 Коркпо, анткени Мен сени мененмин, үрөйүңдү учурба, анткени Мен сенин Кудайыңмын. Мен сени бекемдейм, сага жардам берем. Мен сени Өзүмдүн адилеттигимдин оң колу менен колдойм.

11 Мына, сага каардангандардын баары уятка калып, маскара болушат, сени менен тирешкендердин баары эч нерсеге турбай калат, жок болот.

12 Өзүңө каршы чыккандарды издейсиң, бирок таппайсың. Сени менен каршылашкандар эч нерсеге турбай калат.

13 Анткени Мен сенин Кудай-Теңириңмин. Сени оң колуңдан кармап, сага мындай дейм: "Коркпогун, Мен сага жардам берип жатам".

14 Коркпогун, курт Жакып, эли аз Ысрайыл, Мен сага жардам берип жатам, – дейт Теңир, сенин Куткаруучуң, Ысрайылдын Ыйыгы.

15 Мына, Мен сени курч, жаңы, тиштүү моло таш кылдым, сен тоолорду малалап майдалайсың, дөңдөрдү топонго айландырасың.

16 Сен аларды сапырасың, аларды шамал айдап, таратып жиберет, куюн учуруп кетет. Сен болсо Теңир тууралуу кубанасың, Ысрайылдын Ыйыгы менен мактанасың.

17 Жакырлар менен кедей-кембагалдар суу издеп жүрүшөт, бирок суу жок, алардын тилдери суусагандан кургап жатат. Мен, Теңир, аларды угам, Мен, Ысрайылдын Кудайы, аларды таштабайм.

18 Тоолордон дарыя, өрөөндөрдөн булак чыгарам, чөлдү көлгө айландырам, какшыган жерди суу булагына айландырам.

19 Чөлгө кедр, акация, мирта, зайтун дарактарын отургузам, талаага кипарис, клён, бук дарактарын тигем.

20 Ошондо алар буларды Теңирдин колу жасаганын, Ысрайылдын Ыйыгы жаратканын көрүшөт, таанып билишет, байкашат, түшүнүшөт».

**Теңир – чыныгы Кудай**

21 «Ишиңерди көрсөткүлө, – дейт Теңир. Өзүңөрдүн далилиңерди келтиргиле, – дейт Жакыптын Падышасы.

22 Алар бизге эмне болорун көрсөтүшсүн жана айтышсын, бир нерсе болордон мурда алдын ала кабарлашсын, ошондо биз акылыбыз менен түшүнүп, анын аягы эмне менен бүткөнүн билебиз, же болбосо бизге келечек жөнүндө алдын ала айтышсын.

23 Келечекте эмне болорун айткыла, ошондо биз силердин кудай экениңерди билебиз, же болбосо жакшы же жаман бир нерсе жасагыла, биз таң калып, силер менен бирге көрөлү.

24 Бирок силер санда жок нерсесиңер, ишиңер да эч нерсеге жарабайт, силерди тандап алган адам жийиркеничтүү.

25 Мен аны түндүктөн тургуздум, ал келет. Күн чыгыштан Менин ысымымды чакырат, өкүмдарларды ылайдай тепсейт, карапачы чопо тебелегендей тебелейт.

26 Биз билишибиз үчүн, бул жөнүндө бизге башынан ким кабарлады эле? Биз “Ушул чынбы?” деп айтыш үчүн, бизге ким алдын ала айтып койду эле? Эч ким айткан жок, эч ким кабарлаган жок, эч ким силердин сөзүңөрдү уккан жок.

27 Мен Сионго: “Ал мына!” – деп, биринчи айттым, Иерусалимге жакшы кабарчыны бердим.

28 Ошондуктан Мен карап турдум, бирок эч ким көрүнгөн жок. Мен алардан сураганда, алардын арасынан Мага жооп берер кеңешчи табылган жок.

29 Алардын бардыгы – санда жок нерсе, алардын иштери да болбогон нерсе. Алардын буркандары – жел жана боштук.

**42-БӨЛҮМ**

**Теңирдин кулу**

1 Мына, Менин Кулум, Мен Аны колунан кармап турам, Ал Менин тандап алганым, Аны Менин жаным жакшы көрөт. Мен Ага Өзүмдүн Рухумду берем, Ал элдерге акыйкаттыкты жар салат.

2 Ал кыйкырбайт, үнүн көтөрбөйт, Ал Өзүнүн үнүн көчөдө угузбайт.

3 Чала сынган камышты сындырып салбайт, түтөп жаткан чырактын билигин өчүрүп салбайт. Сотту чындык боюнча жүргүзөт.

4 Жер үстүндө акыйкаттык орнотмоюнча, Ал алсырабайт жана чарчабайт, ошондо Анын мыйзамына аралдар таянышат».

5 Асманды жана анын мейкиндигин жараткан, жерди өсүмдүктөрү менен кошо жайган, анын үстүндөгү элдерге өмүр берген, анын үстүндө басып жүргөндөргө рух берген Кудай-Теңир ушундай дейт.

6 «Мен, Теңир, Сени акыйкаттыкка чакырдым. Сени колуңдан кармап жүрөм, Сени сактап жүрөм, Сени эл үчүн келишим кылып коём, бутпарастар үчүн жарык кылып коём.

7 Сокурлардын көзүн ачыш үчүн, туткундарды камактан чыгарыш үчүн, караңгыда отургандарды зындандан чыгарыш үчүн ошентем.

8 Мен Теңирмин, бул Менин ысымым, Мен Өз даңкымды башка бирөөгө бербейм, Өз даңкымды буркандарга бербейм.

9 Мына, алдын ала айтылгандар аткарылды, эми Мен жаңысын алдын ала айтам, ал аткарыла электе эле, Мен силерге алдын ала айтам».

**Мактоо ыры**

10 Теңирге жаңы ыр ырдагыла! Бүт жер жүзү, силер, деңизде сүзүп жүргөндөр, аны толтурган баарыңар, аралдар жана анда жашагандар, Теңирди даңктагыла!

11 Чөл жана анын шаарлары, Кейдар жашаган айыл-кыштактар үнүн бийик чыгарышсын. Аска-зоолордо жашагандар кубанышсын, тоонун чокуларынан кыйкырышсын!

12 Теңирди даңкташсын, Анын даңкын аралдарда жар салышсын!

13 Теңир алп сыяктуу чыгат, согуштун баатыры сыяктуу кызганычты козгойт, Өзүнүн душмандарын жеңип, кубаныч менен ураан чакырат.

**Кудайдын убадасы**

14 «Мен көпкө чейин унчуккан жокмун, чыдадым, Өзүмдү кармадым. Эми төрөп жаткан аялдай кыйкырам, бардыгын кыйратып, жутуп жиберем.

15 Тоолорду, адырларды кыйратам, алардын бүт чөбүн кууратам, дарыяларды аралга айландырам, көлдөрдү какшытам,

16 сокурларды өздөрү билбеген жолдор менен жетелейм, аларды белгисиз жолдор менен алып жүрөм, алардын алдында караңгылыкты жарыкка айландырам, кыйшык жолдорду түз кылам: Мен алар үчүн мына ушундай кылам, аларды таштабайм.

17 Ошондо буркандардан үмүттөнгөндөр, жасалма кудайга: “Силер биздин кудайыбызсыңар”, – дегендер артка качып, катуу уят болушат.

**Ысрайылдын жазаланары жөнүндө**

18 Дүлөйлөр, уккула, сокурлар, көрүш үчүн карагыла!

19 Менин кулумдай сокур кул барбы? Мен жиберген кабарчыдай дүлөй кабарчы барбы? Менин сүйүктүүмдөй сокур барбы? Теңирдин кулундай сокур барбы?

20 Сен көптү көрдүң, бирок байкаган жоксуң, кулагың ачык болду, бирок эч нерсе уккан жоксуң».

21 Теңир Өзүнүн чындыгы үчүн мыйзамды даңазалоону, даңктоону каалады.

22 Бирок бул эл талкаланып, таланып-тоnolду. Алардын бардыгы үңкүрлөрдө байлануу, зындандарда катылуу. Алар олжо болушту, куткарар эч ким жок, бардыгы тонолушту, бирок «Кайра бер» деп, эч ким айта албайт.

23 Буга силердин араңардан ким кулак төшөдү? Келечек үчүн буга ким назар салды, муну ким укту?

24 Жакыпты кыйратуучуларга, Ысрайылды талоончуларга ким салып берди? Теңир эмеспи? Биз Ага каршы күнөө кылдык. Алар Теңирдин жолу менен жүргүсү келген жок, алар Анын мыйзамын угушкан жок.

25 Ошондо Теңир аларга катуу каарын төктү, катаал согуш жиберди. Согуш аларды туш-туштан жалын менен курчады, бирок алар билишкен жок. Алар күйүштү, бирок муну жүрөгү менен түшүнүшкөн жок.

**43-БӨЛҮМ**

**Ысрайылдын калыбына келтирилиши**

1 Жакып, сени жараткан, Ысрайыл, сени жасаган Теңир азыр мындай дейт: «Коркпогун, анткени Мен сени куткарып алдым, Мен сени өз атыңдан чакырдым, сен Меникисиң.

2 Сен суулардан өтүп бара жатканда, Мен сени мененмин, сен дарыялардан өтүп бара жатканда, алар сени чөктүрбөйт. Оттон өтүп бара жатканда, күйбөйсүң, жалын да сени куйкалабайт.

3 Анткени Мен Теңирмин, сенин Кудайыңмын, Ысрайылдын Ыйыгымын, сенин Куткаруучуңмун, сенин кунуңа Мисирди, Эфиопияны бердим, Шебаны да сен үчүн бердим.

4 Сен Менин көз алдымда кымбат, баа жеткис болгондуктан, Мен сени сүйгөндүктөн, сен үчүн адамдарды бердим, сенин жаның үчүн элдерди берем.

5 Коркпо, анткени Мен сени мененмин, сенин тукумуңду чыгыштан алып келем, сени батыштан чогултам.

6 Түндүккө: “Бергин”, – деп айтам, түштүккө: “Кармаба”, – деп айтам. “Алыстан Менин уулдарымды, жер кыйырынан Менин кыздарымды алып кел.

7 Менин ысымым менен аталган, Өзүмдүн даңкым үчүн жараткан, түзгөн жана орноткон ар бир адамды алып кел”, – деп айтам.

**Ысрайыл – Теңирдин күбөсү**

8 Көзү бар болсо да сокур элди, кулагы бар болсо да дүлөй элди алып чык».

9 Бардык элдер чогулушсун, бардык уруулар биригишсин. Алардын арасынан ким муну алдын ала айтты? Башында эмне болгонун алдын ала айтып көрүшсүн, өздөрүнүн күбөлөрүн көрсөтүп, актанып көрүшсүн. Аларды уккандар: «Туура!» – деп айткыдай болушсун.

10 «Менин күбөлөрүм болсо – силер жана Өзүм тандап алган кулум, – дейт Теңир. Мен аны бул Мен экенимди билишиңер үчүн, Мага ишенишиңер үчүн, түшүнүшүңөр үчүн тандап алгам. Менден мурун Кудай болгон эмес, Менден кийин да болбойт.

11 Мен, Мен Теңирмин, Менден башка Куткаруучу жок.

12 Мен алдын ала айттым, куткардым жана кабарладым. Силердин Менден башка кудайыңар жок. Менин Кудай экениме силер күбөсүңөр, – дейт Теңир.

13 Башынан бери эле Мен Ошолмун. Менин колумдан эч ким куткарып ала албайт. Мен кылам, аны ким өзгөртө алат?

14 Теңир, Кун Төлөгөн Куткаруучуңар, Ысрайылдын Ыйыгы мындай дейт: Силер үчүн Мен Бабылга аскерлерди жибердим, бардык кулпуларды жана кемелери менен мактанган каздимдерди талкаладым.

15 Мен Теңирмин, силердин Ыйыгыңармын, Ысрайылдын Жаратуучусумун, силердин Падышаңармын».

16 Деңиздин ортосунан жол ачкан, чоң сууларга жол салган,

17 майдан арабаларды жана аттарды, аскерлерди жана күчтү алып чыккан Теңир ушундай дейт. Алар көз ачып жумганча жыгылышты, турушкан жок, өчүштү, билик сыяктуу өчүп калышты.

18 Бирок силер мурункуну эстебей жатасыңар, байыркылар жөнүндө ойлобой жатасыңар.

19 «Мына, Мен жаңы нерсе жасап жатам. Ал азыр болот, чын эле, силер ушуну да билгиңер келбейби? Мен ээн талаага жол салам, чөлгө дарыя өткөрөм.

20 Талаа жырткычтары Мени даңкташат, чөөлөр менен төө куштар Мени даңкташат, анткени Өзүм тандап алган элимди сугарыш үчүн, Мен чөлдөрдө суу берем, какшыган талааларда дарыя берем.

21 Бул элди Мен Өзүм үчүн түздүм. Ал Менин даңкымды жарыя кылат.

**Ысрайылдын күнөөсү**

22 Сен болсо, Жакып, Мени чакырган жоксуң, сен Ысрайыл, Мен үчүн кызмат кылган жоксуң.

23 Сен Мага арнап бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка козуларды чалган жоксуң, курмандыктарың менен Мени урматтаган жоксуң. Мен сени Мага нан тартуулап кызмат кыл деп мажбурлаган жокмун, жыпар жыттуу зат түтөтүп тур деп кыйнаган жокмун.

24 Сен күмүш төлөп Мага жыпар жыттуу камыш сатып берген жоксуң, курмандыктардын майы менен Мени тойгузган жоксуң. Бирок сен Мени өзүңдүн күнөөлөрүң менен кыйнадың, өзүңдүн мыйзамсыз иштериң менен Мага оор жүк болдуң.

25 Мен, Мен Өзүм сенин кылмыштарыңды Өзүм үчүн өчүрөм, сенин күнөөлөрүңдү эстебейм.

26 Менин эсиме сал, соттошобуз, актаныш үчүн сен сүйлө.

27 Сенин ата-бабаң күнөөгө баткан, сенин арачыларың да Менден четтеп кетишкен.

28 Ошон үчүн Мен ыйык жайдын башчыларын ыйык кызматтан ажыраттым. Жакыпты жок кылам, Ысрайылды шылдыңга калтырам.

**44-БӨЛҮМ**

**Кудайдын убадалары**

1 Азыр болсо, Жакып, Менин кулум, Мен тандап алган Ысрайыл, ук.

2 Сени жараткан, сени жасаган, сага энеңдин курсагында жаткандан бери жардам берип келе жаткан Теңир мындай дейт: Коркпо, Менин кулум Жакып, Мен тандап алган Сүйүктүүм.

3 Анткени Мен суусаган жерге суу, какшыган жерге агын сууларды төгөм. Сенин тукумуңа рухумду төгөм, сенин укум-тукумуңа батамды берем.

4 Ошондо алар чөптөрдүн арасында, суулардын жээгинде өскөн талдарга окшоп өсүшөт.

5 Бири: "Мен Теңирдикимин", – дейт, экинчиси Жакыптын аты менен аталат, дагы бирөө өз колу менен: "Мен Теңирдикимин", – деп жазат, Ысрайылдын аты менен аталат».

6 Теңир, Ысрайылдын Падышасы, анын Кун Төлөп Куткаруучусу, Себайот Теңир мындай дейт: «Биринчи да Менмин, акыркы да Менмин, Менден башка Кудай жок.

7 Анткени Мендей ким бар? Ал Мага Мен байыркы элди жаратканда бери эмне болсо, ошонун бардыгын ирети менен көрсөтүп, айтып берсин, кабар кылсын, же болбосо боло турганды жана келечекти алдын ала жарыя кылсын.

8 Коркпогула, үрөйүңөрдү учурбагыла. Мен сага мурун эле кабарлап, мурун эле алдын ала айткан жок белем? Силер Менин күбөлөрүмсүңөр. Менден башка Кудай барбы? Башка аска жок, башка эч бир аска жок».

**Бутка табынуучулардын маскара болору жөнүндө**

9 Буркан жасагандардын баары – болбогон нерсе, алардын суктанарлык буркандары эч кандай пайда алып келбейт, ошондой экенине өздөрүнө өздөрү күбө. Алар эч нерсени көрүшпөйт, эч нерсени түшүнүшпөйт, ошондуктан маскара болушат.

10 Эч кандай пайда алып келбеген кудайды ким жасады, бурканды ким куйду?

11 Буга катышкандардын бардыгы уятка калышат. Анткени сүрөтчүлөрдүн өздөрү деле – адамдар. Алардын баары чогулуп келип, турушсун, алардын үрөйү учат, баары уят болушат.

12 Темир уста темирден балта жасап алып, отто иштейт, аны барскан менен иштеп чыгат. Анын үстүндө күчтүү колдору менен иштейт, ачка болуп күчү кеткенче иштейт. Суу ичпейт, алсырайт.

13 Жыгач уста жыгач тандап алып, ага жип тартып өлчөп, учтуу курал менен сүрөтүн түшүрүп, анан аны кескич менен жонуп, жумуру кылат, үйгө коюш үчүн, андан сулуу адамдын бейнесин жасайт.

14 Ал өзүнө кедрлерди кыйып алат, карагай жана эмен жыгачын алат, аларды токойдогу дарактардын арасынан тандап алат, ясень дарагын тигет, ал эми жамгыр аны өстүрөт.

15 Анан ал адамга отун болот, ал анын бир бөлүгүн алып жылынат, от жагат, нан бышырат. Анан ошол эле жыгачтан кудай жасап, ага табынат, буркан жасап, ага таазим кылат.

16 Жыгачтын бир бөлүгүн отко жагат, экинчи бөлүгү менен эт бышырат, куурдак кууруп, тойгончо жейт. Ошондой эле жылынып: «Кандай жакшы, мен жылыдым, оттун табын сездим», – дейт.

17 Ал эми ошол эле жыгачтын калган бөлүгүнөн өзүнө кудай кылып буркан жасап, ага табынып, анын алдына жыгылып, ага: «Мени куткар, анткени сен менин кудайымсың», – деп сыйынат.

18 Алар билишпейт, түшүнүшпөйт, анткени алардын көзү көрбөш үчүн, жүрөгү түшүнбөш үчүн жабылып калган.

19 Ал өз жүрөгүндө ойлонбойт, «Мен жыгачтын жарымын отко жактым, чогуна нан бышырдым, эт кууруп жедим. Ал эми калганынан жийиркеничтүү нерсе жасамак белем? Бир кертим жыгачка табынмак белем?» деп айтканга анын түшүнүгү да, акылы да жетпейт.

20 Ал чаңды кубалап жүрөт, алданган жүрөгү аны адаштырды, ошондуктан ал өз жанын куткара албайт. «Оң колумдагы жалган эмеспи?» деп айта албайт.

**Теңир – Жаратуучу жана Куткаруучу**

21 «Муну эсиңден чыгарба, Жакып, Ысрайыл, анткени сен Менин кулумсуң, сени Мен жараттым. Сен Менин кулумсуң, Ысрайыл, Мени унутпа.

22 Сенин мыйзамсыздыктарыңды тумандай, күнөөлөрүңдү булуттай таратам. Мага кайрыл, анткени Мен сени кун төлөп куткарып алдым».

23 Шаңдан, асман! Анткени муну Теңир кылды. Кыйкыргыла, жер тереңдиктери! Тоолор, токойлор жана анын ичиндеги бак-дарактардын баары, кубанычтан шуулдагыла, анткени Теңир Жакыпты кун төлөп куткарып алды, Теңир Ысрайыл аркылуу даңкталат.

24 Сени кун төлөп куткарып алган, сени энеңдин курсагында жараткан Теңир мындай дейт: «Мен бардыгын жараткан Теңирмин, асманды бир Өзүм жайдым, Өз күчүм менен жерди төшөдүм.

25 Жалган пайгамбарлардын жышаандарын жаратпай, сыйкырчылардын акылсыздыгын ашкере кылган, акылмандарды артка кубалаган, алардын билимин акылсыздыкка айландырган,

26 Өз кулунун сөзүн ишке ашырган, Өзүнүн элчилеринин сөздөрүн аткарган, Иерусалимге: “Сага кайра көчүп келишет”, – деген, Жүйүттүн шаарларына: “Сен кайра куруласың, сенин урандыларыңды Мен калыбына келтирем”, – деген,

27 туңгуюкка: “Соолу! Мен сенин дарыяларыңды соолутам”, – деген,

28 Кореш жөнүндө: “Менин койчум, ал Менин бүт эркимди аткарат”, – деген, Иерусалимге: “Сен кайрадан куруласың!” – деген, ийбадатканага: “Сен кайрадан негизделесиң”, – деген Теңир Менмин».

**45-БӨЛҮМ**

**Кир жөнүндөгү пайгамбарчылык**

1 Теңир Өзүнүн майланган Корешине мындай дейт: «Элдерди сага багынтып бериш үчүн, Мен сени оң колуңдан кармап турам, сен үчүн эшиктер ачылып, дарбазалар жабылбаш үчүн, падышалардын белинен курларын чечип алам.

2 Мен сенин алдыңда барам, тоолорду тегиздейм, жез эшиктерди кыйратам, темир кулпуларды талкалайм.

3 Сен Менин Теңир экенимди, сени атыңдан чакырган Ысрайылдын Кудайы экенимди билишиң үчүн, Мен сага караңгы жерге сакталган казыналарды жана катылган байлыктарды берем.

4 Сен Мени билбесең да, Өзүмдүн кулум Жакып үчүн, Өзүм тандап алган Ысрайылым үчүн, сени атыңдан чакырдым, сага ысым бердим.

5 Мен Теңирмин, Менден башка Теңир жок, Менден башка Кудай жок. Сен Мени билбесең да, Мен сенин белиңди курчадым.

6 Күн чыгыштан батышка чейинки элдер Менден башка Кудай жок экенин билиши үчүн ошенттим. Мен Теңирмин, Менден башка Теңир жок.

7 Мен жарыкты жасайм, караңгыны жаратам, тынчтык берем, мүшкүл түшүрөм. Мен, Теңир, ушунун баарын жасап жатам.

8 Асман, жогорудан себеле, булуттар акыйкаттык төксүн. Жер ачылып, куткаруу алып келсин, аны менен бирге акыйкат өнүп чыксын. Муну Мен, Теңир, жаратып жатам».

9 Оо Өзүнүн Жаратуучусу менен тирешкен сыныктын сыныгы! Карапачыга чопо: «Сен эмне кылып жатасың?» – деп айтмак беле? Сенин колуң менен жасалган нерсе сен жөнүндө: «Анын колу жок», – деп айтмак беле?

10 Атасына: «Сен мени эмне үчүн жарыкка чыгардың?» – деп айткан адамга, ал эми энесине: «Сен мени эмне үчүн төрөдүң?» – деп айткан адамга кайгы!

11 Ысрайылдын Ыйыгы жана Жаратуучусу, Теңир, мындай дейт: «Силер Менин уулдарымдын келечеги жөнүндө сурап жатасыңар. Мага Өзүмдүн колдорум жараткан иштерди үйрөткүңөр барбы?

12 Мен жерди жараттым жана анын үстүнө адамды жараттым. Мен, Менин колдорум асманды жайды, анын бүт кошуундарына мыйзам берген Менмин.

13 Мен аны чындык менен тургуздум, анын бардык жолдорун тегиздейм. Ал Менин шаарымды курат, Менин туткундарымды бошотот, алар үчүн кун да, белек да албайт», – дейт Себайот Теңир.

14 Теңир мындай дейт: «Мисирликтердин эмгектери, эфиопиялыктардын соодасы жана бойлуу шебалыктар сен тарапка өтөт, алар сеники болот. Алар сенин артыңдан ээрчишет, кишендери менен келип, сенин алдыңа жыгылышат. Сага: “Сенин гана Кудайың бар, андан башка Кудай жок”, – деп жалынышат».

15 Чындыгында эле, Сен Өзүн жашырган Кудайсың, Ысрайылдын Кудайысың, Куткаруучусуң!

16 Алардын баары уятка калып, маскара болушат, алар менен бирге буркан жасагандардын баары уят болушат.

17 Ысрайыл болсо Теңир аркылуу түбөлүк куткарылуу менен куткарылат. Силер кылымдан кылымга уятка калбайсыңар, маскара болбойсуңар.

18 Анткени асманды жараткан, жерди жараткан, аны жасаган, аны орноткон, аны бекер эмес, жашоо үчүн жараткан Кудай-Теңир мындай дейт: «Мен Теңирмин, Менден башка Теңир жок.

19 Мен жашыруун айткан жокмун, Мен жердин караңгы жеринде сүйлөгөн жокмун. “Мени бекер эле издеп жүрөсүңөр”, – деп, Жакыптын тукумуна айткан эмесмин. Мен чындыкты айткан, акыйкаттыкты ачкан Теңирмин.

**Акыйкаттык, күч, куткарылуу Кудайда**

20 Элдердин ичинен аман калгандардын баары, чогулуп келгиле, жакын келгиле. Өзүнүн жыгач бурканын көтөрүп алып, куткарбай турган кудайына сыйынып жүргөндөр – акылсыздар.

21 Өз ара кеңешип жарыя кылгыла, айткыла. Муну байыркы замандан бери ким кабарлады? Муну ким алдын ала айтты? Теңириңер, Мен, айткан жок белем? Менден башка Кудай жок. Менден башка адилеттүү, куткара турган Кудай жок.

22 Бүт жер жүзү, Мага кайрылгыла, ошондо куткарыласыңар, анткени Мен Кудаймын, Менден башка Кудай жок!

23 Өзүм менен ант берем: Менин оозумдан чындык чыгат, Менин алдымда ар бир уруу баш иет, ар бир тил Мени менен ант берет деген өзгөрүлбөс сөз чыгат.

24 Мен тууралуу: “Чындык менен күч бир гана Теңирде”, – деп айтышат». Теңирге каршы чыккандардын бардыгы Анын алдына келип уят болушат.

25 Ысрайылдын бардык тукуму Теңир аркылуу акталат жана даңазаланат.

**46-БӨЛҮМ**

1 Бел кулады, Небо төмөндөн ылдый кулады, алардын жасалма кудайлары малдын үстүндө жана жүк жүктөлүүчү малдын үстүндө. Силердин жүгүңөр чарчаган мал үчүн оордук болду.

2 Алар кулашты, бирге жыгылышты. Алар көтөрүп жүргөндөрдү коргоп кала алышпады, өздөрү да туткундалып кетишти.

3 «Эненин курсагында жатканда эле Өзүм кабыл алган, эненин курсагында жатканда эле Өзүм көтөрүп жүргөн Жакып тукуму жана Ысрайыл тукумунун бүт калдыгы, Мага кулак салгыла:

4 Силер карыганга чейин, Мен ошол эле Теңирмин, чачыңар агарганга чейин, силерди Мен көтөрүп жүрөм. Мен жараттым, ошондуктан силерди көтөрүп, колдоп, сактап жүрөм.

5 Мени кимге теңеп жатасыңар? Мени кимге салыштырып жатасыңар? Мени кимге окшоштуруп жатасыңар?

6 Намыяндан алтындарды төгүп жатышат, таразага күмүштөрдү тартып жатышат, зергер жалдап жатышат, ал андан кудай жасап жатат. Ага табынып, анын алдына жыгылып жатышат.

7 Аны ийинге салышат, аны көтөрүшөт, аны өз ордуна коюшат, ал турат, ал өз ордунан жылбайт. Ага кыйкырышат, бирок ал жооп бербейт, кыйынчылыктан куткарбайт.

8 Ушуну эстегиле, өзүңөрдү эр жүрөк кылып көрсөткүлө. Кудайдан баш тарткандар, муну жүрөгүңөргө кабыл алгыла.

9 Мурун болуп өткөндөрдү, атам замандан бери болгондорду эстегиле, анткени Мен Кудаймын, Менден башка Кудай жок, Мага окшош эч ким жок.

10 Аягында эмне болорун Мен башынан алдын ала кабарлап келе жатам, али боло элек нерселерди Мен байыркы замандан бери айтып келе жатам: “Менин максатым ишке ашат, Мен эмнени кааласам, ошону жасайм”.

11 Мен чыгыштан бүркүттү, алыскы өлкөдөн Менин чечимдеримди аткара турганды чакырдым. Мен эмнени айтсам, ошону орундатам. Эмнени алдын ала белгилесем, ошону жасайм.

12 Жүрөгү катаалдар, акыйкаттан алыс жүргөндөр, Мени уккула!

13 Мен Өзүмдүн адилеттигимди жакындаттым, ал алыс эмес, Менин куткаруум кечикпейт. Мен Өзүмдүн даңкым Ысрайылга, Сионго куткаруу берем».

**47-БӨЛҮМ**

**Бабылдын жазаланары жөнүндө**

1 «Бабылдын кызы, эркек көрө элек кыз, жерге түш, топуракка отур, жерде отур. Каздимдердин кызы, падыша тагы жок, мындан ары сени назик жана бай деп аташпайт.

2 Жаргылчакты алып, ун тарт. Жабууңду алып таштап, этегиңди көтөр, тизеңди ач, дарыядан кечип өт.

3 Сенин этиң ачылат, атүгүл, абийириң да көрүнүп калат. Өч алам, эч кимди аябайм».

4 Биздин Куткаруучубуз – Теңир, Анын ысымы – Себайот, Ысрайылдын Ыйыгы.

5 «Каздимдердин кызы, унчукпай отур, караңгыга кет, анткени мындан ары сени падышачылыктардын ханышасы деп аташпайт.

6 Мен Өз элиме каардандым, Өз мурасымды кордоттум, аларды сенин колуңа салып бердим, сен аларга ырайым кылган жоксуң, карыларга өзүңдүн эң оор моюнтуругуңду салдың.

7 Сен: "Түбөлүккө ханыша болом", – дегенсиң, бирок аны оюңда элестеткен жоксуң, андан кийин эмне болорун ойлогон жоксуң.

8 Бирок азыр муну ук, эрке, камырабай жашаган, өз жүрөгүңдө: "Мен элемин, мага тең келген эч ким жок, мен жесир болуп отурбайм, балдарым өлбөйт", – деген кыз.

9 Күтүлбөгөн жерден, бир күндүн ичинде сага экөө тең келет: балдарыңдан ажырайсың, жесирлик башыңа түшөт. Сыйкырчылыкты көп кылганыңа карабастан, сыйкырчылыгыңдын чоң күчүнө карабастан, алар сенин башыңа жетишерлик түшөт.

10 Анткени сен өзүңдүн жаман иштериңе таяндың: "Мени эч ким көрбөйт", – дедиң. Акылмандыгың менен билимиң сени жолдон чыгарды, жүрөгүңдө: "Мен элемин, менден бөлөк эч ким жок", – дедиң.

11 Ошондуктан башыңа алаамат түшөт, анын кайдан келерин билбейсиң, башыңа мүшкүл түшөт, сен аны болтурбай коё албайсың, сенин башыңа күтүлбөгөн жерден бүлгүн түшөт, сен ал жөнүндө ойлогон да эмессиң.

12 Эми сен жаш чагыңдан бери кылып келе жаткан сыйкырчылыктарың менен, көп сандаган көз байлоочулуктарың менен кала бер. Балким, ошолордон пайда табарсың, балким, туруштук бере аларсың.

13 Сен өзүңдүн кеңешиңдин көптүгүнөн чарчадың: асманды байкоочулар, жылдыз саноочулар, жаңырган ай боюнча алдын ала айтуучулар келип, сени башыңа түшө турган нерседен куткарышсын.

14 Мына, алар самандай. Аларды от күйгүзүп кетти. Алар өздөрүнүн жанын жалындан куткара алышкан жок, жылынууга чок да калган жок, кактанып отурууга от да калган жок.

15 Жаш кезиңден бери сен ким менен иштешип, ким менен соода-сатык жүргүзүп келсең, ошолор сен үчүн ушундай болуп калышты. Ар ким өз тарабына илкип басып кетти, сени эч ким куткарбайт».

**48-БӨЛҮМ**

**Убадаларды эске салуу**

1 Жакыптын тукуму, Ысрайылдын ысымы менен аталгандар жана Жүйүт булагынан чыккандар, Теңирдин аты менен ант бергендер, чындык менен болбосо да, акыйкаттык менен болбосо да, Ысрайылдын Кудайын Кудай деп тааныгандар, муну уккула!

2 Анткени алар өздөрүн ыйык шаардан чыккан адамдарбыз деп аташат, Ысрайылдын Кудайына таянышат. Анын аты – Себайот Теңир.

3 «Мурункуну Мен көп убакыт мурун кабарлап турчумун. Алар Менин оозумдан чыкчу. Мен аны жарыя кылчумун, аны күтүлбөгөн жерден ишке ашырчумун, бардыгы ордунан чыкчу.

4 Мен сенин өжөр экениңди, мойнуңдагы тарамыштарың темир экенин, чекең жез экенин билчүмүн.

5 Ошондуктан көп убакыт мурун, бул иш жүзүнө ашканга чейин, Мен сага кабарлагам, "Муну менин жасалма кудайым кылды, муну менин бурканым менен куюлган кудайым буйруду" деп айтпашың үчүн, Мен сага алдын ала эле кабарлагам.

6 Сен уктуң, ушунун баарын карап чык. Чын эле, силер муну мойнуңарга албайсыңарбы? Азыр болсо Мен сага жаңы жана жашыруун нерсени кабарлап жатам, сен муну билчү эмессиң.

7 Бул көп убакыт мурун эмес, бир күн мурун эмес, азыр болду. "Мына! Мен муну билгем!" деп айтпашың үчүн, сен бул жөнүндө уккан эмессиң.

8 Сен бул тууралуу уккан да эмессиң, билген да эмессиң, кулагың мурун ачык эмес болчу, анткени Мен сенин жүзү каралык кыларыңды билгем. Сен энеңдин курсагында жатканда эле Кудайдан баш тарткан адам деп аталгансың.

9 Өзүмдүн ысымым үчүн Мен каарымды кийинкиге калтыргам, Өзүмдүн даңкым үчүн Өзүмдү Өзүм токтотуп, сени кырып салган жокмун.

10 Мына, Мен сени эриттим, бирок күмүштү эриткендей эмес, сени кыйынчылыктардын отуна салып сынадым.

11 Мен муну Өзүм үчүн, Өзүм үчүн кылып жатам, анткени Менин ысымым кантип булгансын? Мен Өз даңкымды башкага бербейм.

**Кир – тандалган жол башчы**

12 Жакып, Мен чакырып алган Ысрайыл, Мага кулак сал: Мен ошол эле Теңирмин, биринчи да Менмин, акыркы да Менмин.

13 Жерди Менин колум негиздеген, асманды Менин оң колум жайган. Аларды чакырсам, бардыгы биригип, Менин алдыма келишет».

14 Баарыңар чогулуп, уккула: алардын арасынан ким муну алдын ала айтты? Теңир аны жакшы көрөт, ошондуктан ал Теңирдин эркин Бабылда аткарат, Анын каруу-булчуңун каздимдерге көрсөтөт.

15 «Мен, Мен айттым, аны чакырдым. Аны Мен алып келдим, ошондуктан анын жолу ийгиликтүү болот.

16 Мага келгиле да, муну уккула! Мен башынан эле жашыруун сүйлөчү эмесмин, бул болуп жаткан мезгилден бери эле Мен ошол жерде болчумун». Азыр да Мени Кудай-Теңир жана Анын Руху жиберди.

**“Оо, сен Менин осуяттарымды уксаң кана!”**

17 Теңир, сенин Куткаруучуң, Ысрайылдын Ыйыгы мындай дейт: «Сени пайдалуу нерсеге үйрөткөн, сени жүрүшүң керек болгон жол менен алып жүргөн Кудай-Теңириң Менмин.

18 Оо, сен Менин осуяттарымды уксаң кана! Анда сенин тынчтыгың дарыядай болмок, сенин чындыгың деңиз толкунундай болмок!

19 Сенин тукумуң кумдай болмок, сенден чыккандар кум бүртүктөрүндөй болмок. Менин алдымда анын аты өчмөк эмес, жок болмок эмес».

20 Бабылдан чыккыла, каздимдерден качкыла. Муну кубанычтуу үн менен кабарлагыла, жарыялагыла, бул кабарды жердин кыйырына чейин тараткыла: «Теңир Өз кулу Жакыпты куткарып алды!» – деп айткыла.

21 Теңир аларды чөл аркылуу алып бара жатканда, алар суусашпайт. Теңир аларга таштан суу чыгарып берет, асканы жарат, ошондо суулар төгүлөт.

22 «Мыйзамсыздарга болсо тынчтык жок», – дейт Теңир.

**49-БӨЛҮМ**

**Ысрайылдын Куткаруучусу**

1 Мага кулак салгыла, аралдар, Мени уккула, алыскы элдер! Теңир Мени энемдин курсагында жатканда эле чакырып алды, энемдин курсагында жатканда, Ал Мени атымдан чакырды.

2 Менин оозумду курч кылыч кылды, Мени Өз колунун көлөкөсү менен калкалады, Мени курчутулган жебе кылды, Мени Өзүнүн саадагында сактап жүрдү.

3 Мага: «Сен Менин кулумсуң, Ысрайыл, Мен сен аркылуу даңкталам», – деди.

4 Мен болсо: «Мен курулай эмгектендим, күчүмдү бекер, курулай кетирдим. Бирок менин укугум Теңиримде, менин сыйлыгым Кудайымда», – деп айттым.

5 Жакыпты Өзүнө буруш үчүн, Ысрайылды Өзүнө чогултуш үчүн, Мени энемдин курсагында жатканда эле Өзүнө кул кылып жараткан Теңир азыр мындай дейт: Теңир Мени даңктады, Менин күчүм – Кудайым.

6 Ошондо Ал: «Жакыптын урууларын калыбына келтириш үчүн, Ысрайылдын калдыктарын кайрып келиш үчүн, Сенин Мага кул болгонуң аздык кылат. Менин куткаруум жер кыйырына жетиш үчүн, Мен Сени элдер үчүн жарык кылам», – деп айтты.

7 Теңир, Ысрайылдын Куткаруучусу, Ыйыгы бардыгы жек көргөн, элдер акарат айткан өкүмдарлардын кулуна мындай дейт: «Падышалар көрүп, орундарынан турушат, төрөлөр ишенимдүү Теңир үчүн, Сени тандап алган Ысрайылдын Ыйыгы үчүн табынышат».

**Ысрайылдын калыбына келиши**

8 Теңир мындай дейт: «Жакшы убакта Мен Сени уктум, куткаруу күнү Сага жардам бердим. Жерди калыбына келтириш үчүн, кыйраган мурасты мураскерлерине кайрып бериш үчүн,

9 туткундарга: “Чыккыла”, – деп, караңгыда жаткандарга: “Көрүнгүлө”, – деп айтыш үчүн, Мен Сени сактайм, Мен Сени элдин келишими кылам. Алар жолдордун боюна мал жайышат, бардык дөңдөрдө алардын жайыттары болот.

10 Алар ачка болушпайт, суусашпайт, аларга аптап да, күн да зыян келтирбейт, анткени аларды Ырайым Кылуучу алып жүрөт, аларды суу башаттарына алып барат.

11 Өзүмдүн бардык тоолорумду жол кылам, Менин жолдорумдун баары көтөрүлөт.

12 Бири алыстан, бири түндүктөн, деңиз тараптан келет, ал эми башкалары Синим жеринен келишет».

13 Асман, кубан, жер, шаттан, тоолор, кубанычтан кыйкыргыла, анткени Теңир Өз элин сооротту, Өзүнүн кыйналгандарына ырайым кылды!

14 Сион болсо: «Теңир мени таштап койду, Кудайым мени унутту!» – деп айткан эле.

15 «Аял эмчектеги баласын унутмак беле? Өзүнүн курсагынан чыккан уулун аябай коймок беле? Эгерде ал унутса да, Мен сени унутпайм.

16 Анткени Мен сени Өзүмдүн алакандарыма жазып койдум. Сенин дубалдарың дайыма Менин көз алдымда.

17 Уулдарың сага шашып келишет, ал эми чапкынчылар менен талоончулар сенден кетишет.

18 Башыңды көтөрүп, тегерегиңди кара: бардыгы чогулуп, сага келе жатышат. Мен тирүүмүн! – дейт Теңир. – Сен аларды жасалга катарында киесиң, алар менен колуктудай жасанасың.

19 Анткени сенин урандыларың да, чөлдөрүң да, бүлүнгөн жериң да тургундар үчүн өтө тардык кылат, сени жуткандар сенден кетишет.

20 Мурунку жоготкон балдарыңдан кийинки балдарың сенин кулагыңа угуза: “Бул жер мага тар болуп жатат, мага жашаганга жер бер”, – дешет.

21 Ошондо сен жүрөгүңдө: “Буларды мага ким төрөп берди? Мен баласыз жана тукумсуз эмес белем? Туткунга түшүп, алыска кетпедим беле? Буларды ким чоңойтту? Мен жалгыз калбадым беле. Ошондо булар кайда эле?” – дейсиң».

**Ысрайылды кысымга алгандардын жазаланары жөнүндө**

22 Кудай-Теңир мындай дейт: «Мен колумду элдерге көтөрөм, туумду урууларлын алдында көтөрөм. Сенин уулдарыңды колдоруна салып, кыздарыңды ийиндерине салып көтөрүп келишет.

23 Падышалар сени багышат, ханышалар эмчек энелериң болот. Сага жерге жете таазим кылышат, бутуңдагы чаңды жалашат, сен ошондо Менин Теңир экенимди, Менден үмүттөнгөндөр эч качан уятка калбасын билесиң».

24 Күчтүүнүн олжосун тартып алуу мүмкүнбү, жеңүүчүнүн туткундап алгандарын тартып алуу мүмкүнбү?

25 «Ооба! – дейт Теңир. – Күчтүүлөрдүн туткундап алгандары тартылып алынат, эзүүчүнүн олжосу куткарылат, анткени сенин душмандарың менен Мен кармашам, сенин уулдарыңды Мен куткарам.

26 Сени кысымга алгандардын өз этин өзүнө жедирем, алар өз канын ичип, жаңы шарап ичкендей мас болушат. Ошондо ар бир адам Мен сенин Теңириң экенимди, сенин Куткаруучуң жана Сактап Калуучуң экенимди, Жакыптын Күчтүүсү экенимди билет».

**50-БӨЛҮМ**

1 Теңир мындай дейт: «Силердин энеңерди кетиргенде, анын колуна берген талак кат кайда? Же силерди Мен Өзүмдүн карыз берүүчүлөрүмдүн кимисине сатып жибердим? Силер өзүңөрдүн күнөөңөр үчүн сатылгансыңар, силердин кылмышыңар үчүн энеңер коё берилген.

2 Мен келгенде, эмне үчүн эч ким жок эле? Мен чакырганда, эмне үчүн эч ким жооп берген жок? Чын эле, куткарып калуу үчүн Менин колум кыскарып калдыбы? Же сактап калуу үчүн Менин күчүм жокпу? Мен Өзүмдүн каарым менен деңизди какшытып жатам, дарыяларды чөлгө айландырып жатам. Алардын ичиндеги балыктар суу жетпегендиктен чиришет, суусап өлүшөт.

3 Мен асманга караңгылык кийгизип жатам, ага зумбалды жабуу кылып жатам».

**Кудайдын кулунун тил алчаактыгы**

4 «Чарчаганга сөз менен кубат берип турушум үчүн, Кудай-Теңир мага акылмандардын тилин берди. Ал ар күнү эртең менен ойготот, Мен шакиртке окшоп угушум үчүн, кулагымды ойготот.

5 Кудай-Теңир Менин кулагымды ачты, Мен каршылык кылган жокмун, артка кетенчиктеген жокмун.

6 Мени уруп жаткандарга Мен кыр аркамды тосуп бердим, уруп жаткандарга бетимди тосуп бердим. Маскаралап, жаба түкүрүшкөндө, жүзүмдү жапкан жокмун.

7 Кудай-Теңир Мага жардам берип жатат, ошондуктан Мен уялбайм, ошондуктан Мен жүзүмдү оттук таштай кармап турам, уятка калбасымды да билем.

8 Мени актоочу жакын: Мени менен ким тартышкысы келет? Бирге туралы. Мени менен ким соттошкусу келет? Ал мага келсин.

9 Кудай-Теңир Мага жардам берип жатат: Мени ким айыптайт? Алардын бардыгы кийимдей эскирет, аларды күбө жейт.

10 Силердин араңардан ким Кудайдан коркот? Ким Анын Кулунун үнүн угат? Жарык эмес, караңгыда жүргөн адам Теңиринин ысымынан үмүт кылсын, Кудайына ишенсин.

11 «Мына, силер, баарыңар, от күйгүзүп жаткандар, оттуу жебелер менен куралдангандар, өзүңөрдүн отуңардын жалынына баргыла, өзүңөр абдан ысыткан жебелерге баргыла! Муну силерге Менин колум кылат: силер кыйналып өлөсүңөр.

**51-БӨЛҮМ**

**Ысрайылга айтылган сооротуу сөздөрү**

1 Чындыкка умтулгандар, Теңирди издегендер, Мага кулак салгыла! Өзүңөр чабылып алынган асканы, өзүңөр суурулуп алынган чуңкурдун тереңин карагыла.

2 Атаңар Ыбрайымды жана силерди төрөгөн Саараны карагыла, анткени Мен жалгыз аны чакырдым, ага батамды берип, аны көбөйттүм».

3 Теңир Сионду ушинтип сооротот, анын бүт урандыларын сооротот, анын чөлдөрүн бейиштей кылат, ээн талааларын Теңирдин багындай кылат. Ал жерде кубаныч жана шаттык болот, даңктоо сөздөр жана ырлар болот.

4 «Элим, Мени ук! Уруум, Мага кулак сал! Анткени мыйзам Менден чыгат, Өзүмдүн акыйкаттыгымды элдер үчүн жарык кылып коём.

5 Менин чындыгым жакын. Менин куткаруум чыгып келе жатат. Менин каруу-булчуңум элдерди соттойт. Аралдар Менден үмүттөнүшөт, Менин каруу-булчуңума таянышат.

6 Башыңарды көтөрүп, асманды карагыла, төмөн жактагы жерди карагыла, анткени асман түтүндөй болуп жок болуп кетет, жер кийимдей эскирет, анын тургундары да өлүп жок болушат. Ал эми Менин куткаруум түбөлүк турат, Менин чындыгым жок болбойт.

7 Чындыкты билгендер, жүрөгүндө Менин мыйзамымды сактаган эл, Мага кулак салгыла! Адамдардын акарат айтканынан коркпогула, алардын жаман сөздөрүнөн үрөйүңөр учпасын.

8 Анткени күбө аларды кийим жегендей жейт, курт аларды жүн жегендей жейт. Ал эми Менин чындыгым түбөлүк турат, Менин куткаруум кылымдан кылымга турат».

9 Тур, тур, Теңирдин каруу-булчуңу, күч менен курчан! Байыркы күндөрдөгүдөй, байыркы тукумдардын убагындагыдай тур! Раапты жара чапкан сен эмес белең? Ажыдаарды өлтүргөн сен эмес белең?

10 Деңизди, зор туңгуюктун сууларын кургаткан, куткарылгандар өтсүн деп, деңиз тереңдиктерин жолго айланткан сен эмес белең?

11 Теңир куткарган адамдар кайрылып келишет, Сионго ыр менен келишет, алардын башында түбөлүк кубаныч болот, алар кубанышат жана шатганышат, кайгы менен үшкүрүк жоголот.

12 «Мен, Мен Өзүм силердин Сооротуучуңар болом. Өлө турган адамдан, чөптөн айырмасы жок адам баласынан корккон сен кимсиң?

13 Асманды жайган, жерди негиздеген өзүңдүн Теңириңди, Жаратканыңды, сен эсиңден чыгарып жатасың. Эзүүчү жок кылганга даяр тургансып, дайыма, күн сайын анын каарынан коркосуң. Бирок эзүүчүнүн каары кана?

14 Жакында туткун эркиндикке чыгарылат, чуңкурда өлбөйт, нанга муктаж болбойт.

15 Мен сенин деңизди толкуткан Кудай-Теңириңмин, ошондуктан анын толкундары шарпылдап жатат. Анын ысымы – Себайот Теңир.

16 Асманды жайгаштырыш үчүн, жерди негиздеш үчүн, Сионго: “Сен Менин элимсиң!” – деш үчүн, Мен Өзүмдүн сөздөрүмдү сенин оозуңа салам, Өзүмдүн колумдун көлөкөсү менен сени жабам».

**Иерусалимдин душмандарынан өч алуу жөнүндө**

17 Ойгон, ойгон, Иерусалим, тур, сен Теңирдин колунан Анын каарына толгон чөйчөктү ичтиң, мас кылуучу чөйчөктү түбүнө чейин калтырбай ичтиң!

18 Андан төрөлгөн уулдардын ичинен аны алып жүрүүгө эч ким чыккан жок, ал өстүргөн уулдардын ичинен аны колунан кармап жүрүүгө эч ким болгон жок.

19 Сени эки кырсык басты, сени ким аяйт? Талкалануу, кыргын, ачарчылык жана кылыч: сени ким сооротот?

20 Сенин уулдарың алсырап калышты, бардык көчөлөрдүн булуң-бурчунда Теңирдин каарына, Кудайыңдын ачуусуна толгон торго түшкөн жейрендердей болуп жатышат.

21 Ошондуктан, азап чегүүчү жана шарап ичпей мас болгон адам, муну ук.

22 Сенин Теңириң, Өз эли үчүн өч алуучу Кудайың жана Теңириң мындай дейт: «Мен сенин колуңдан мас кылуучу чөйчөктү, Менин каарыма толгон чөйчөктөгү ачыткыны алып жатам: сен эми аларды ичпейсиң.

23 Мен ал чөйчөктү сени кыйноочулардын колуна берем. Алар сага: "Төмөн жыгыл, биз сенин үстүңөн өтөлү", – дешкен. Сен өзүңдүн кыр аркаңды нары-бери өткөндөр үчүн жердей жана көчөдөй кылгансың».

**52-БӨЛҮМ**

**Кудайдын Иерусалимди куткарары жөнүндө**

1 Тур, тур, күчтөн, Сион! Ыйык шаар Иерусалим, өзүңдүн улуулугуңдун кийимин кий! Анткени мындан ары сага сүннөткө отургузулбагандар, таза эместер кирбейт.

2 Өзүңдөн чаңды күбүп сал, тур, туткун Иерусалим! Сиондун туткун кызы, мойнуңдагы чынжырды чеч!

3 Анткени Кудай-Теңир мындай дейт: «Силер бекер сатылдыңар, кайра күмүшсүз сатылып алынасыңар».

4 Анткени Теңир мындай дейт: «Мурун Менин элим Мисирге жашап туруш үчүн барган, Ашур аны эч себепсиз эзген.

5 Эми Менин бул жерде эмнем бар? – дейт Теңир. Менин элим бекер алынды, анын башчылары каарданып жатышат, – дейт Теңир. Менин ысымыма дайыма, күн сайын тил тийгизип жатышат.

6 Ошондуктан Менин элим Менин ысымымды билишет. Ошондуктан ошол күнү "Мен мына!" деп айткан Мен ошол эле Теңир экенимди билишет».

7 Сионго: «Сенин Кудайың падышачылык кылып жатат!» – деп айткан, куткарууну жар салган, кубанычты сүйүнчүлөгөн, тынчтыкты кабарлаган тоодогу жакшы кабарчынын буттары кандай сонун!

8 Сенин күзөтчүлөрүңдүн үнү чыгып жатат, алар үнүн катуу чыгарышты, баары бирге кубанып жатышат, анткени алар Теңирдин Сионго кайтып келе жатканын өз көздөрү менен көрүп жатышат.

9 Шаттангыла, Иерусалимдин урандылары, чогуу ырдагыла, анткени Теңир Өз элин сооротту, Иерусалимди кун төлөп куткарды!

10 Теңир Өзүнүн ыйык каруу-булчуңун бүт элдердин көз алдында көрсөттү. Ошондо бүт дүйнө жүзү Теңирибиздин куткаруусун көрөт.

11 Кеткиле, кеткиле, ал жерден чыккыла, таза эмес нерселерге тийбегиле! Теңирдин идиштерин көтөрүп жүргөндөр, алардын чөйрөсүнөн чыккыла, өзүңөрдү тазалагыла.

12 Анткени силер шашпай чыгасыңар, чуркап кетпейсиңер. Анткени силердин алдыңарда Теңир барат, артыңарда Ысрайылдын Кудайы сактоочу болот.

**Машайактын азап чегери жөнүндө**

13 «Менин кулум ийгиликке жетишет, көтөрүлөт, көкөлөйт, даңазаланат!

14 Сени көрүп, көп адамдар ушунчалык таң калышты, анткени эч бир адамдын жүзү Анын жүзүндөй бузулган эмес, адам баласынын өңү Анын өңүндөй бузулган эмес.

15 Ал көп элдерди ушинтип таң калтырат. Падышалар Анын алдында ооздорун жабышат, анткени алар өздөрүнө айтылбаган нерселерди көрүшөт, укпаган нерселерин билишет».

**53-БӨЛҮМ**

1 Бизден уккан кабарга ким ишенди? Теңирдин күчү кимге көрсөтүлдү?

2 Анткени Ал Анын алдында кургак жерден өсүп чыккан жаш бутакка жана тамырга окшоп чыкты. Анда келишимдүү келбет да, улуулук да жок эле. Биз Аны көрдүк, бирок Анын сырткы көрүнүшүндө бизди Өзүнө тарта турган эч нерсе жок эле.

3 Ал жек көрүндү болду, адамдардын алдында кемсинтилди. Ал – кайгы тарткан, оорунун эмне экенин билген адам, биз Андан жүзүбүздү ала качтык. Ал жек көрүндү болду, биз Аны урматтаган жокпуз.

4 Бирок Ал биздин кеселдерибизди Өзүнө алды, ооруларыбызды алып кетти, биз болсо Аны Кудай урду, жазалады жана кемсинтти деп ойлодук.

5 Бирок Ал биздин күнөөлөрүбүз үчүн жарадар болду, биздин мыйзамсыздыктарыбыз үчүн кыйналды. Бизге тынчтык болуш үчүн, Ал жазага тартылды, биз Анын жарааты менен айыктык.

6 Биз баарыбыз койлордой болуп адашып жүрдүк, ар кимибиз өз жолубузга бурулуп кеттик, ошондо Теңир баарыбыздын күнөөлөрүбүздү Анын мойнуна жүктөдү.

7 Аны катуу кыйнашты, бирок Ал кыйналганда, үн чыгарган жок. Ал союлуш үчүн жетеленип келген козу сыяктуу, кыркмачынын алдында үнсүз жаткан кой сыяктуу үн чыгарган жок.

8 Ал камактан жана соттон алынды, бирок Анын санжырасын ким айтып бере алат? Анткени Ал тирүүлөрдүн жеринен бөлүнүп алынды, Менин элимдин кылмыштары үчүн өлүм жазасына тартылды.

9 Ага кылмышкерлер менен бирге мүрзө даярдашты, бирок Ал байдын мүрзөсүнө коюлду, анткени Ал күнөө кылган эмес, Анын оозунан жалган сөз чыккан эмес.

10 Бирок Теңир Анын кыйналуусун туура көрдү, ошондуктан Ал Аны азапка салды. Өз жанын айып үчүн чалынуучу курмандыкка чалгандан кийин, Ал узак жашаган укум-тукумун көрөт, ошондо Теңирдин эрки Өзүнүн колу менен ийгиликтүү ишке ашат.

11 «Ал Өз жанынын эрдигине ыраазы болуу менен карайт. Өзүнүн таанып билүүсү аркылуу Менин адилет Кулум көп адамдарды актайт, алардын күнөөлөрүн Өз мойнуна көтөрөт.

12 Ошондуктан Мен Ага улуулардын арасынан үлүш берем, Ал күчтүүлөр менен олжо бөлүшөт. Анткени Ал Өз жанын өлүмгө кыйды, кылмышкер катары эсептелди, көптөрдүн күнөөсүн Өз мойнуна алды, кылмышкерлер үчүн арачы болду».

**54-БӨЛҮМ**

**Калыбына келтирилген жана акталган Ысрайыл**

1 «Кубан, баласы жок, төрөбөс аял! Кубанып кыйкыр, катуу үн сал, толгоо тартып кыйналбаган аял! Анткени күйөөсү бар аялга караганда күйөөсү таштап кеткен аялдын балдары көп», – дейт Теңир.

2 Чатырыңдын турган ордун чоңойт, турак жайыңдын жабууларын кеңейт. Уялба, аркандарыңды узун ташта, казыктарыңды орнот.

3 Анткени сен оңго да, солго да жайыласың, сенин тукумуң элдерди каратып алып, бош калган шаарларга отурукташат.

4 Коркпо, анткени уятка калбайсың. Уялба, анткени маскара болбойсуң, жаш чагыңда маскара болгонуңду унутасың, мындан ары жесирлигиңдин айынан жаманатты болгонуңду эстебейсиң.

5 Анткени сенин Жаратканың – сенин күйөөң. Анын ысымы – Себайот Теңир, сенин Куткаруучуң – Ысрайылдын Ыйыгы. Ал бүт жер жүзүнүн Кудайы деп аталат.

6 Анткени Теңир сени күйөөсү таштап кеткен, кайгыга баткан аялды чакыргандай, жаш кезинде аялдыкка алынып, кийин четке кагылган аялды чакыргандай чакырып жатат, – дейт сенин Кудайың.

7 Мен сени аз убакытка таштагам, бирок улуу ырайым менен кабыл алам.

8 Каарым кайнап турганда, Мен сенден Өз жүзүмдү убактылуу жашырдым, бирок сага түбөлүктүү ырайым менен ырайым кылам, – дейт сенин Куткаруучуң, Теңир.

9 Анткени бул Мен үчүн Нухтун учурундагы суулардай: Мен мындан ары Нухтун учурундагыдай суулар жерди каптабайт деп ант бергендей, сага каарданбайм, сени жемелебейм деп ант бердим.

10 Тоолор жылат, дөңсөөлөр солкулдайт, бирок Менин ырайымым сенден четтебейт, Менин тынчтык келишимим бузулбайт», – дейт сага ырайым кылуучу Теңир.

**Жаңы Иерусалим**

11 «Бороон учурган, сооротулбаган байкуш! Мен сенин таштарыңды кызыл лаалдын үстүнө коём, пайдубалыңды көк жакуттан тургузам.

12 Терезелериңди кызыл лаалдан, дарбазаңды берметтен, дубал-коргондоруңдун баарын асыл таштардан жасайм.

13 Сенин уулдарыңдын баарын Теңир үйрөтөт, уулдарыңда улуу тынчтык болот.

14 Сен акыйкаттык менен бекемделесиң, эзүүдөн алыс болосуң, анткени сен корко турган эч нерсе жок, коркунучтан да коркпойсуң, анткени ал сага жакын жолобойт.

15 Сага каршы куралданып чыгышат, бирок Менден эмес. Сага каршы ким куралданып чыкпасын, ал өлөт.

16 Мен темир устаны жараттым, ал оттогу чокту үйлөп, өзүнүн иши үчүн курал жасайт, кырыш үчүн Мен кыруучуну жараттым.

17 Сага каршы жасалган бир да курал сени жеңе албайт, сени менен сотто талашып-тартышкан ар бир тилди сен айыптайсың. Бул – Теңирдин кулдарына Мен берген мурас жана адилдик», – дейт Теңир.

**55-БӨЛҮМ**

**Ырайымдын негизинде куткарылуу**

1 «Суусагандар, баарыңар сууга келгиле! Атүгүл, күмүшү жоктор, силер да келгиле, сатып алып жегиле. Келгиле, күмүшсүз сатып алгыла, шарап менен сүттү бекер алгыла!

2 Силер эмнеге нан эмес нерсеге күмүш тартып берип жатасыңар, эмнеге тойгузбаган нерсеге эмгек акыңарды берип жатасыңар? Мени кунт коюп уккула, жакшы нерсени жегиле, силердин жаныңар майдан ыракат алсын.

3 Кулак төшөп, Мага келгиле. Мени уккула, ошондо жаныңар тирүү болот. Мен силерге Дөөткө убада кылган түбөлүк келишимимди, өзгөрүлбөс ырайымдарымды берем.

4 Мына, Мен Аны элдер үчүн күбө кылып бердим, элдерге жол башчы жана насаатчы кылып бердим.

5 Мына, сен өзүң билбеген элди чакырып аласың, сени билбеген элдер да сенин Кудай-Теңириң үчүн, Ысрайылдын Ыйыгы үчүн, сага келгенге шашылышат. Анткени Ал сени даңктады».

6 Теңирди тапканга мүмкүн болуп турганда, Аны издегиле. Ал жакын турганда, Аны чакыргыла.

7 Күнөөкөр өз жолун, мыйзамсыз жаман ойлорун таштап, Теңирге кайрылсын. Ошондо Ал ага ырайым кылат, биздин Кудайга кайрылсын, анткени Ал өтө ырайымдуу.

8 «Менин ойлорум силердин ойлоруңар эмес, Менин жолдорум силердин жолдоруңар эмес, – дейт Теңир.

9 Асман жерден канчалык бийик болсо, Менин жолдорум силердин жолдоруңардан ошончолук бийик, Менин ойлорум силердин ойлоруңардан бийик.

10 Анткени жамгыр менен кар асмандан түшөт, асманга кайтпайт, жерди сугарат, аны өндүргөнгө жана өстүргөнгө жөндөмдүү кылат, ошондо ал үрөн сепкен адамга үрөн, жей турган адамга нан берет.

11 Ошол сымал Менин оозумдан чыккан сөз да кайра Өзүмө бекер кайрылып келбейт. Мен эмнени кааласам, ошону аткарат, Мен аны эмнеге жиберсем, ошону жүзөгө ашырат».

12 Ошентип, силер кубаныч менен чыгасыңар, силерди тынчтык менен узатышат. Силердин алдыңарда тоолор жана адырлар ырдайт, талаадагы бардык бак-дарактар силерге кол чабат.

13 Тикенектин ордуна кипарис өсөт, чалкандын ордуна мирт өсөт. Бул Теңирдин даңкы үчүн, түбөлүктүү, кыйрагыс жышаан үчүн болот.

**56-БӨЛҮМ**

**Бардык элдерге сунуш кылынган куткарылуу**

1 Теңир мындай дейт: «Акыйкаттыкты сактагыла, чындыкты жараткыла, анткени Мен куткара турган, Менин адилеттигим көрсөтүлө турган мезгил жакындап калды.

2 Муну кылган адам бактылуу, муну бекем кармаган, ишембини сактап, аны булгабаган, жамандык кылуудан колун сактаган адам уулу бактылуу».

3 Теңирге кошулган бөтөн уруунун уулу: «Теңир мени Өз элинен таптакыр бөлүп салды», – деп айтпасын, эбнух: «Мен куураган жыгачмын», – деп айтпасын.

4 Анткени Теңир эбнухтар жөнүндө мындай дейт: «Менин ишембилеримди сактап, Менин эркимди аткарууну тандап, Менин келишимимди бек сактагандарга

5 Мен Өз үйүмдөн жана Өз дубалдарымдан уулдар менен кыздардыкына караганда жакшы орун жана ысым берем. Аларга жок болбой турган түбөлүктүү ысым берем.

6 Теңирге кызмат кылыш үчүн, Аны сүйүш үчүн, Анын кулу болуш үчүн, Ага кошулган бөтөн уруулардын уулдарын, ыйык ишембини сактап, аны булгабагандардын жана Менин келишимимди бек сактагандардын баарын

7 Мен Өзүмдүн ыйык тоомо алып келип, аларды Өзүмдүн сыйынуу үйүмдө кубантам. Менин курмандык чалынуучу жайымда алардын бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктары жана башка курмандыктары Мага жагымдуу болот, анткени Менин үйүм бардык элдер үчүн сыйынуу үйү деп аталат».

8 Чачырап кеткен ысрайылдыктарды жыйнап жаткан Кудай-Теңир мындай дейт: «Жыйналган ысрайылдыктарга кошуп, Мен башкаларды да жыйнайм».

**Адилетсиз жол башчылардын жазаланары жөнүндө**

9 Талаадагы бүт жырткычтар, токойдогу бүт айбандар, тамак жегени келгиле!

10 Алардын сакчыларынын баары – сокур жана түркөй адамдар. Алардын баары – дудук дөбөттөр, үрө алышпайт, жөөлүшөт, жатышат, уйкуну жакшы көрүшөт.

11 Алар – ач көз, тойгонду билбеген дөбөттөр. Алар – түшүнүгү жок кайтаруучулар. Ар бири өз жолуна бурулуп кетти, баары өз керт башынын кызыкчылыгын ойлойт.

12 Алар: «Келгиле, мен шарап табам, күчтүү ичимдикке тоёбуз. Эртең да бүгүнкүдөй болот, мындан да көп болот», – дешет.

**57-БӨЛҮМ**

**Бутка табынуучулардын жазаланары жөнүндө**

1 Адил адам өлөт, бирок эч ким анын өлгөнүн жүрөгүнө кабыл кылбайт. Такыбаа адамдар жерден алынат, адил адамдын жамандыктан куткарылып алынганын эч ким түшүнбөйт.

2 Ал тынч жайга кетет. Түз жол менен жүргөндөр өз төшөгүндө тынч жатышат.

3 «Силер болсо бери келгиле, сыйкырчынын уулдары, бузулган адамдын жана аягы суюк аялдын тукуму!

4 Силер кимди шылдыңдап жатасыңар? Кимге каршы оозуңарды ачып, тилиңерди кимге чыгарып жатасыңар? Силер кылмыштын балдарысыңар, калптын тукумусуңар.

5 Ар бир жашыл дарактын түбүндөгү буркандарга кумардангандар, суу жээктеринде, аскалардын жаракаларында балдарды сойгондор силер эмес белеңер?

6 Сенин үлүшүң суулардын жылма таштарында. Алар, алар сенин үлүшүң. Аларга сен куюлуучу курмандыкты куясың, курмандыктарды чаласың: Мен буга ыраазы болмок белем?

7 Эң бийик, көрүнүктүү тоого сен өзүңдүн жатчу жайыңды орнотосуң, ошол жакка курмандык чалыш үчүн чыгасың.

8 Эшиктин артына, ошондой эле кашектердин артына эстетүүчү белгилериңди коёсуң, анткени сен Менден бурулуп кеткенден кийин, жылаңачтанып, ошол жакка чыгасың. Жаткан жайыңды кеңейтесиң, ким менен жатканды жакшы көрсөң, ошолор менен макулдашып, орун караштырасың.

9 Сен жыпар жыттуу май алып, падышага да баргансың, майларыңды көбөйткөнсүң, элчилериңди алыс жактарга жибергенсиң, өлгөндөр жаткан жайга чейин кемсингенсиң.

10 Өзүңдүн узак жолуңдан чарчагансың, бирок «Үмүт үзүлдү!» деген жоксуң, өз колуңдан күч таап тургансың, ошондуктан сен алсыраган жоксуң.

11 Ишенимсиз болуп калгыдай, Мени эсиңерден чыгаргыдай, Мени жүрөгүңдө сактабай калгыдай, кимден коркуп, кимден үрөйүң учту? Мен унчукпай койгондон эмеспи? Көпкө унчукпай койгондон эмеспи? Сен Менден коркпойсуң!

12 Мен сенин чындыгыңды жана иштериңди көрсөтөм. Алар сага пайда алып келбейт.

13 Сен өкүргөндө, чогулткан буркандарың сени куткарабы? Алардын баарын шамал учуруп кетет, айдаган жел туш-тушка чачыратат. Ал эми Мага таянган адам жерди мурастап алып, Менин ыйык тоомо ээ болот».

**Кудайдын сооротуусу**

14 Анан мындай деди: «Түздөгүлө, түздөгүлө, жолду бошоткула, Менин элимдин алдынан бөгөттү алып салгыла».

15 Анткени Улуу, Даңкталган, Түбөлүк Жашоочу, Ысымы Ыйык мындай деп жатат: «Мен бийик асмандын үстүндө жана ыйык жайда жашайм, ошондой эле моюн сунгандардын рухун тирилтиш үчүн, кайгыргандардын жүрөгүн тирилтиш үчүн, кайгыргандар менен, руху менен моюн сунгандар менен бирге жашайм.

16 Анткени Мен түбөлүккө талаш-тартыш жүргүзбөйм, акырына чейин каарданбайм, болбосо Менин алдымда Мен жараткан рух жана Мен жараткан ар бир тирүү жан алсырап калат.

17 Анын дүнүйөкордук күнөөсү үчүн Мен каардандым, аны урдум, жүзүмдү жашырдым, ачууландым. Ал болсо бурулуп кетип, өз жүрөгүнүн жолу менен жүрдү.

18 Мен анын жолдорун көрдүм, Мен аны айыктырам, Мен аны алып жүрөм, Мен аны жана анын кайгыргандарын сооротом.

19 Мен “Тынчтык, алыскыларга да, жакынкыларга да тынчтык” деген сөзүмдү аткарам, – дейт Теңир. – Мен аны айыктырам».

20 Мыйзамсыздар болсо алай-дүлөй болуп толкундаган, тынч ала албаган, суулары балыр менен баткакты бүркүп чыгарган деңиздей.

21 «Мыйзамсыздарга тынчтык жок», – дейт менин Кудайым.

**58-БӨЛҮМ**

**Чыныгы орозо жөнүндө**

1 «Катуу кыйкыр, токтобо, үнүңдү сурнайдай бийик чыгар, Менин элиме өз мыйзамсыздыгын көрсөт, Жакыпка өз күнөөлөрүн көрсөт.

2 Алар адилеттүү иш кылган, өз Кудайынын мыйзамдарын таштабаган эл сыяктанып, күн сайын Мени издешет, Менин жолдорумду билгилери келет. Алар Менден адилеттүү сот тууралуу сурашат, Кудайга жакындагылары келет:

3 "Эмне үчүн биз орозо туттук? Сен болсо көрбөйсүң. Эмне үчүн биз жаныбызды кыйнадык? Сен болсо билбейсиң". Силер орозо кармаган күнү өз эркиңерди аткарасыңар, башкалардан оор жумуштарды талап кыласыңар.

4 Силер талаш-тартыш, уруш-чатак үчүн, башкаларды кылмыштуу колуңар менен уруш үчүн орозо кармап жатасыңар. Ушул учурда силер үнүңөр асманга угулуш үчүн орозо кармап жаткан жоксуңар.

5 Мен тандап алган орозо ушундай беле? Мен тандап алган күн ушундай беле? Ал күнү адам өз жанын кыйнайт, башын камыштай шылкыйтат, өзүнүн алдына зумбал жана күл төшөйт. Ушуну Кудайга жаккан орозо деп, Кудайга жаккан күн деп айта аласыңбы?

6 Мен тандап алган орозо мындай: калптын кишендерин бошот, эзүүнүн кишендерин чеч, эзилгендерди эркиндикке чыгар, ар кандай моюнтурукту алып сал.

7 Ачка киши менен наныңды бөлүш, тентип жүргөн жакырларды үйүңө киргиз, жылаңачты көрсөң, ага кийим кийгиз, каны бир жакыныңдан жашынба».

8 Ошондо сенин жарыгың таң шооласындай төгүлөт, айыгууң тез арада келет, чындыгың алдыңда жүрөт, Теңирдин даңкы сени коштоп жүрөт.

9 Ошондо сен чакырасың, Теңир угат. Ыйлайсың, Ал: «Мен мына!» – дейт. Сен өз чөйрөңдөн эзүүнү жоготконуңда, сөөмөйүңдү көтөргөнүңдү, жаман сүйлөгөндү койгонуңда,

10 ачкага наныңды бергениңде, кыйналгандардын жанын тойгузганыңда, сенин жарыгың караңгыда жаркырайт, караңгылыгың чак түштөй болот.

11 Ошондо Теңир ар дайым сенин жол башчың болот, кургакчылыкта жаныңды тойгузат, сөөктөрүңдү чыңдайт. Ошондо сен сугарылган бактай, суусу эч качан соолубаган булактай болосуң.

12 Кылымдар бою ээн жаткан чөлдөргө сенин тукумдарың отурукташат, сен көп муундардын негизин калыбына келтиресиң. Сени урандыларды калыбына келтирүүчү, жашоо үчүн жолдорду жаңыртуучу деп аташат.

**Ишембини ыйык туткандарга бериле турган сыйлык**

13 «Эгерде сен ишембиде, Менин ыйык күнүмдө, өзүңдүн иштериңди аткаруудан бутуңду токтото турган болсоң, ишембини кубанычтуу күн деп, Теңирдин ыйык күнү деп атай турган болсоң, ыйык тута турган болсоң, күндөлүк иштериңди кылбай, ал күндү урматтай турган болсоң, өз каалоолоруңду аткарбай турган болсоң, курулай сөздөрдү сүйлөбөй турган болсоң,

14 анда сен Теңирден кубаныч аласың. Мен сени жердин бийик жерине чыгарам. Сага атаң Жакыптын мурасынан жедирем. Бул сөздү Теңирдин Өз оозу айтып жатат.

**59-БӨЛҮМ**

**Мыйзамсыздарды айыптоо**

1 Куткарыш үчүн Теңирдин колу кыскарган жок, угуш үчүн Анын кулагы катуу болуп калган жок.

2 Бирок мыйзамсыздыгыңар силерди Кудайыңардан бөлүп салды. Ал силерди укпаш үчүн, силердин күнөөңөр Анын жүзүн силерден буруп жатат.

3 Анткени силердин колуңар кан төгүп, манжаларыңар мыйзамсыздык кылып булганган. Оозуңар жалганды сүйлөйт, тилиңер калпты айтат.

4 Акыйкаттык үчүн эч ким үнүн чыгарбайт, чындык үчүн эч ким күрөшпөйт. Жок нерсеге таянышат, калп айтышат, алардын боюна жамандык бүтөт, адилетсиз иштерди төрөшөт.

5 Уу жыландын жумурткасын чыгарышат, жөргөмүштүн желесин токушат. Алардын жумурткаларын жеген адам өлөт, эгерде жарса, ичинен жылан чыгат.

6 Алардын желелери кийимге жарабайт, алар өздөрү жасаган нерселери менен жамына алышпайт. Алардын иштери – адилетсиз иштер, зордук-зомбулук – алардын колунда.

7 Алардын буттары жамандык кылууга жүгүрөт, алар жазыксыз кан төгүүгө ашыгышат. Алардын ойлору – адилетсиз ойлор, кыруу жана кыйратуу – алардын жолунда.

8 Алар тынчтыктын жолдорун билишпейт, алардын жолдорунда акыйкаттык жок, алардын жолдору кыйшык. Ал жол менен бараткандын эч бири тынчтык дегенди билбейт.

**Элдердин өз күнөөлөрүн мойнуна алышы**

9 Ошондуктан акыйкаттык бизден алыс, адилеттик бизге жакындабайт, жарыкты күтүп жатабыз, бирок караңгылык, күндүн жаркырашын күтүп жатабыз, бирок караңгылыкта жүрөбүз.

10 Сокурлардай болуп дубалды кармап, көзү жок кишидей сыйпалап басып жүрөбүз. Чак түштө күүгүмдөгүдөй мүдүрүлүп жатабыз, тирүүлөрдүн арасында өлүктөрдөйбүз.

11 Баарыбыз аюулардай бакырып жатабыз, көгүчкөндөрдөй онтоп жатабыз. Акыйкаттыкты күтүп жатабыз, бирок ал жок, куткарууну күтүп жатабыз, бирок ал бизден алыс.

12 Анткени Сенин алдыңда кылмыштарыбыз сан жеткис, күнөөлөрүбүз өзүбүзгө каршы күбөлөндүрүп жатат. Анткени кылмыштарыбыз биз менен, биз өзүбүздүн мыйзамсыз иштерибизди билебиз.

13 Теңирдин алдында чыккынчылык кылдык, калп айттык, өз Кудайыбыздан баш тарттык. Ушак айттык, чыккынчылык кылдык, жүрөгүбүздө жаман ойлоп, жаман сөздөрдү сүйлөдүк.

14 Акыйкаттык артка чегинди, адилеттүүлүк алыста калды, анткени чындык аянтта мүдүрүлдү, чынчылдык кире албай калды.

**Куткаруучунун убадаланышы**

15 Чындык жок болду, жамандыктан качкан кордукка дуушар болду. Муну Теңир көрдү, акыйкаттыктын жоктугу Анын көзүнө жийиркеничтүү көрүндү.

16 Адам жок экенин көрдү, арачы боло турган адам жок экенине таң калды. Ошондо Ага Өзүнүн каруу-булчуңу жардам берди, Аны Өзүнүн чындыгы колдоду.

17 Ал чындыкты соот кылып кийди, куткаруу туулгасын Өзүнүн башына кийди. Өч алуу чапанын кийип, кызганчаактыкты жабуу кылып жамынды.

18 Иштерине жараша Ал Өзүнүн душмандарын каары менен жазалайт, Өзүнүн душмандарынан өч алат, аралдарга тиешесин берет.

19 Ошондо Теңирдин ысымынан батыштагылар коркушат, Анын даңкынан чыгыштагылар коркушат. Эгерде душман дарыядай каптап кирсе, Теңирдин деми аны кууп жиберет.

20 «Ошондо Сионго, мыйзамсыздыкты таштап, Кудайга кайрылган Жакыптын уулдарына Куткаруучу келет, – дейт Теңир.

21 Бул Менин алар менен түзгөн келишимим, – дейт Теңир, – сендеги Менин Рухум, сенин оозуңа салган Менин сөздөрүм сенин оозуңдан, сенин укум-тукумуңдун оозунан, сенин урпактарыңдын укум-тукумунунун оозунан мындан ары жана түбөлүккө түшпөйт».

**60-БӨЛҮМ**

**Иерусалимдин келечекте даңкталары жөнүндө**

1 «Тур, жаркыра, Иерусалим, анткени сенин жарыгың келди, Теңирдин даңкы сенин үстүңдөн чыкты!

2 Анткени мына, жерди караңгылык, элдерди коюу караңгылык каптаганы жатат. Ал эми сенин үстүңдөн Теңир жаркырайт, Анын даңкы сенин үстүңө келет.

3 Ошондо сенин жарыгыңа элдер келишет, сенин үстүңдөн чыгып келе жаткан жаркыроого падышалар келишет.

4 Башыңды көтөрүп, айланаңды кара: алар бардыгы чогулуп, сага келе жатышат. Алыстан уулдарың келе жатат, кыздарыңды колдоруна салып көтөрүп келе жатышат.

5 Ошондо көрүп кубанасың, жүрөгүң дүкүлдөп кеңейет, анткени деңиздин байлыгы сага бурулат, элдердин энчиси сага өтөт.

6 Сенин жериңди көп сандаган төөлөр, Мидиан менен Эйпанын наарлары каптайт. Алардын баары Шебадан алтын менен ладан жүктөп келип, Теңирдин даңкын жар салышат.

7 Кейдардын бүт койлору сага чогулуп келет, Небайоттун кочкорлору сага кызмат кылат. Алар Менин курмандык чалынуучу жайыма Мага жаккан курмандык болуп чыгат, ошондо Мен Өзүмдүн даңкымдын үйүн даңазалайм.

8 Булуттардай учуп келе жатышкан булар кимдер? Өздөрүнүн кептерканасына көгүчкөндөрдөй болуп учуп келе жатышкан булар кимдер?

9 Чындыгында, Мени аралдар күтүп жатат, сенин уулдарыңды алыстан алтын-күмүшү менен кошо Кудай-Теңириңдин ысымы үчүн жана Ысрайылдын Ыйыгы үчүн алып келиш үчүн, алардын алдында Таршыш кемелери күтүп турат, анткени Ал сени даңктады.

10 Ошондо чет жерликтердин уулдары сенин дубалдарыңды курушат, алардын падышалары сага кызмат кылышат, анткени Мен сени каарданып жатканымда кыйраткам, бирок сага Өзүмдүн ырайымым менен ырайым кылам.

11 Сенин дарбазаң дайыма ачык турат, элдердин байлыгы сага жеткирилип турушу үчүн, алардын падышалары сага алып келинип турушу үчүн, дарбазаң күнү-түнү жабылбайт.

12 Анткени сага кызмат кылгысы келбеген элдер менен падышачылыктар кырылат, андай элдер таптакыр кырылат.

13 Сага Лебанондун атак-даңкы келет, Менин ыйык жайымды жасалгалаш үчүн, кипарис, чынар, кедр дарактары келет. Ошондо Мен бутум турган жерди даңктайм.

14 Сени эзгендердин уулдары баштарын ийип алдыңа келишет, сени жек көргөндөрдүн баары бут алдыңа жыгылышат. Сени Теңирдин шаары, Ысрайылдын Ыйыгынын Сиону деп аташат.

15 Сен ташталып, жек көрүндү болгонсуң, сен аркылуу эч ким өтпөй калган, бирок Мен сени түбөлүккө улуу кылам, кылымдан кылымга кубанычка бөлөйм.

16 Сен элдердин сүтүнө тоёсуң, падышалардын эмчегин эмесиң, ошондо сен Менин Теңир экенимди, сенин Куткаруучуң жана Сактап Калуучуң экенимди, Жакыптын Күчтүүсү экенимди билесиң.

17 Мен сага жездин ордуна алтын, темирдин ордуна күмүш, жыгачтын ордуна жез, таштын ордуна темир жеткирип турам. Сенин башкаруучуңдун ордуна тынчтыкты, күзөтчүңдүн ордуна чындыкты коём.

18 Мындан ары сенин жериңде зордук-зомбулук деген угулбайт, сенин аймагыңда кыйратуу, талап-тоноо деген угулбайт. Дубалдарыңды куткаруучум деп, дарбазаңды атак-даңкым деп атайсың.

19 Мындан ары күн сага өзүнүн күндүзгү жарыгы менен кызмат кылбайт, айдын жарыгы жарык бербейт, бирок сенин түбөлүктүү жарыгың Теңир болот, сенин даңкың Кудай болот.

20 Мындан ары күнүң батпайт, айың жашынбайт, анткени Теңир сен үчүн түбөлүк жарык болот. Сенин кайгылуу күндөрүң бүтөт.

21 Сенин бүт элиң адил болот, Менин колумдан чыккан, Мен отургузган бутак Мени даңкташ үчүн, жерге түбөлүккө ээ болот.

22 Аздан миң, эң начардан күчтүү эл чыгат. Мен, Теңир, муну өз убагы келгенде тездетем».

**61-БӨЛҮМ**

**Куткарылуу жөнүндөгү Жакшы Кабар**

1 Теңирдин руху Менде, анткени Теңир Мени жакырларга жакшы кабар таратууга майлады. Мени жүрөгү кайгыргандарды айыктырууга, туткундарга эркиндик жарыя кылууга, камактагыларга толук боштондук жарыя кылууга,

2 Теңирдин ырайым кыла турган жылын жарыя кылууга, Кудайыбыздын өч алчу күнүн жарыя кылууга, кыйналгандардын бардыгын сооротууга,

3 Сиондогу кайгыргандарга күл ордуна жасалга, ый ордуна кубаныч майын, кайгылуу рух ордуна даңктын кийими берилерин жарыя кылууга жиберди. Аларды адилеттүүлүгү менен улуу жана Теңир Өзү даңкталыш үчүн отургузган көчөт деп аташат.

4 Ошондо кылымдар бою жаткан урандыларды кайра курушат, байыркы урандыларды калыбына келтиришет, байыркы урпуулардан калган, бүлүнүп-таланган шаарларды кайра курушат.

5 Бөтөн жерликтер келип, силердин малыңарды багат, чет өлкөлүктөрдүн уулдары силердин дыйканыңар, жүзүмчүңөр болот.

6 Силер болсо Теңирдин ыйык кызмат кылуучулары деп аталасыңар, силерди Кудайыбыздын кызматчылары деп аташат. Силер элдин энчисинен пайдаланасыңар, алардын атак-даңкы менен даңкталасыңар.

7 Маскара болгонуңар үчүн, силерге эки эсе болот. Кордук көргөнүңөр үчүн, энчиңерге сүйүнөсүңөр, анткени өз жериңерде эки эсе аласыңар. Силерде түбөлүк кубаныч болот.

8 «Анткени Мен, Теңир, акыйкаттыкты жакшы көрөм, талап-тоноочулук менен зордук-зомбулукту жек көрөм. Аларга чындык боюнча сыйлык берем, алар менен түбөлүк келишим түзөм.

9 Ошондо алардын тукуму элдер арасында белгилүү болот, алардын укум-тукуму уруулардын арасында белгилүү болот. Аларды көргөндөрдүн баары алардын Теңирден бата алган тукум экенин таанып билишет».

10 Теңир жөнүндө кубанам, Кудайым жөнүндө жаным кубанат. Анткени Ал мага куткаруу чапанын кийгизди, чындыктын кийимин кийинтти. Ал мага күйөөгө таажы кийгизгенсип таажы кийгизди, Ал мени колуктуну жасалгалар менен жасалгалагансып жасалгалады.

11 Анткени жер өзүнүн өсүмдүктөрүн өстүрүп чыгаргандай, бак себилген уруктарды өндүргөндөй, Кудай-Теңир да бардык элдердин алдында акыйкаттык менен даңкты көрсөтөт.

**62-БӨЛҮМ**

**Ыйык эл жөнүндө**

1 Сион үчүн унчукпай калбайм, Иерусалим үчүн басылып калбайм, анын чындыгы жарык сыяктуу чыкмайынча, анын куткарылуусу күйүп турган чырактан сыяктуу болмоюнча, унчукпай калбайм, басылып калбайм.

2 Ошондо элдер сенин чындыгыңды, бүт падышалар сенин даңкыңды көрүшөт. Сени Теңирдин оозунан чыккан жаңы ысым менен аташат.

3 Сен Теңирдин колунда даңктын таажысы болосуң, Кудайыңдын алаканында падышанын таажысы болосуң.

4 Мындан ары сени «Кудай таштап кеткен эл» деп аташпайт, сенин жериңди «чөл» деп аташпайт. Сени «Ал – Теңирдин ырайымына ээ болгон эл» деп, жериңди болсо «Күйөөсү бар» деп аташат, анткени Теңир сага ырайым кылат, жериң никелешип кошулат.

5 Жигит кыз менен никелешкендей, уулдарың сени менен никелешет. Күйөө колуктусуна кубангандай, Кудайың сага кубанат.

6 «Иерусалим, Мен сенин дубалдарыңа күнү-түнү үнү басылбаган сакчыларды койдум». Оо, силер, Теңир жөнүндө эске салып тургандар, үнүңөр басылбасын!

7 Теңир Иерусалимди калыбына келтирмейинче, Иерусалимди жер жүзүндө даңктуу кылмайынча, Анын алдында үнүңөр басылбасын!

8 Теңир Өзүнүн оң колу менен, Өзүнүн күчтүү каруу-булчуңу менен ант берди: «Мындан ары душмандарыңа эгиниңди жем кылбайм, жат элдин уулдары сенин мээнеттенип тапкан шарабыңдан ичпейт.

9 Бирок эгин жыйнагандар нан жеп, Теңирди даңкташат. Жүзүм тергендер Менин ыйык жайымдын короосунда шарап ичишет».

10 Өткүлө, дарбаза аркылуу өткүлө, элге жол даярдагыла! Тегиздегиле, жолду тегиздегиле, таштарды алып салгыла, элдер үчүн туу көтөргүлө!

11 Теңир жер кыйырына чейин жар салып жатат: «Сиондун кызына: "Сенин Куткаруучуң келе жатат. Анын сыйлыгы Өзү менен, Анын жазасы Өзүнүн алдында", – деп айткыла».

12 Аларды ыйык эл, Теңирдин куткарылган эли деп аташат. Сени болсо табылган, ташталбаган шаар деп аташат.

## 63-БӨЛҮМ

### Өч алуу күнү

1 Эдомдон келе жаткан бул ким? Ботсрадан кызыл чапанчан келе жаткан бул ким? Өзүнүн кийими менен ушунчалык улуу көрүнгөн, Өзүнүн толук күч-кубаты менен чыгып келе жаткан бул ким? «Ал Менмин. Мен чындыкты айтам, куткаруу үчүн күчтүүмүн».

2 Анда эмне үчүн Сенин кийимиң кызыл? Эмне үчүн чапаның жүзүм сыгылуучу жайда жүзүм тебелеп жаткандын чапанындай?

3 «Мен жүзүм сыгылуучу жайда жалгыз тебеледим, элдердин ичинен Мени менен эч ким болгон жок. Мен аларды ачууланып жатканымда тебеледим, каарданып жатканымда тепселедим. Алардын каны Менин чапаныма чачырады, ошондуктан Мен бүт кийимимди булгап алдым.

4 Анткени өч алуу күнүм Менин жүрөгүмдө. Менин элимдин куткарылуу жылы келди.

5 Мен карап турдум, бирок жардамчы болгон жок. Мени колдоого эч ким чыкпаганына таң калдым, бирок Мага Өзүмдүн каруу-булчуңум жардам берди, Мени Өзүмдүн каарым колдоду.

6 Мен элдерди ачууланып жатканымда тебеледим, аларды каарданып жатканымда кыйраттым, алардын канын жерге төктүм».

### Кудайдын Ысрайылга көрсөткөн ырайымы

7 Мен Теңирдин ырайымын жана даңкын, Анын биз үчүн жасаган бардык ишин, Өзүнүн боорукердиги менен, өтө берешендиги менен Ысрайыл тукумуна көрсөткөн зор мээримин эсимден чыгарбайм.

8 Ал: «Чындыгында эле, алар Менин элим, чындыгында эле, алар Менин калп айтпаган балдарым», – деди. Ошондуктан Теңир алардын Куткаруучусу болду.

9 Алардын башына ар кандай кыйынчылык түшкөндө, Теңир аларды таштаган жок, аларды Анын жүзүнүн периштеси куткарып турду. Теңир аларды Өзүнүн сүйүүсү, ырайымдуулугу менен куткарып алды. Аларды байыркы күндөрдөн бери көтөрүп жүрдү.

10 Бирок алар баш ийбей, Анын Ыйык Рухун капа кылышты. Ошондуктан Ал алардын душманына айланды, аларга каршы Өзү согушту.

11 Ошондо Анын эли Мусанын учурундагы байыркы күндөрдү мындай деп эске түшүрдү: Аларды Өзүнүн койлорунун койчусу менен деңизден алып чыккан Теңир кана? Анын жүрөгүнө Өзүнүн Ыйык Рухун салган Теңир кана?

12 Ал Өзүнүн улуу каруу-булчуңу менен Мусаны оң колунан кармап алып жүргөн, Ал Өзүнүн ысымын түбөлүктүү кылыш үчүн, алардын алдында сууларды экиге бөлгөн.

13 Талаадан аттарды алып өткөнсүп, Теңир аларды түпкүр аркылуу алып өткөн, алар мүдүрүлүп жыгылышкан эмес.

14 Мал өрөөнгө түшкөн сыяктуу, Теңирдин Руху аларды тынчтыкка алып келген. Өзүнүн ысымын даңктуу кылыш үчүн, Сен Өзүңдүн элиңди ушинтип алып жүрдүң.

**Ысрайылдын Кудайдан ырайым сурап сыйынышы**

15 Асмандан көз сал, Өзүңдүн даңктуу жана ыйык жайыңдан кара: Сенин кызганчаактыгың кайда? Сенин зор кудуретиң кайда? Сенин мага болгон мээримиң жана ырайымың кармалып турат.

16 Биздин атабыз бир гана Сенсиң, анткени Ыбрайым бизди билбейт, Ысрайыл бизди өзүмдүкү деп эсептебейт. Сен, Теңир, биздин Атабызсың, кылымдардан бери Сенин ысымың – «Биздин Куткаруучу».

17 Теңир, эмне үчүн Сен бизге Өз жолдоруңдан адашып кетүүгө жол бердиң? Сенден коркпош үчүн, биздин жүрөгүбүздүн таш болуп катып калуусуна эмне үчүн жол бердиң? Өз кулдарың үчүн, Өз мурасыңдын уруулары үчүн, бизге кайрылып кел.

18 Өзүңдүн ыйык элиң өзүнүн жерин аз эле убакыт ээлеп турду. Биздин душмандарыбыз Сенин ыйык жайыңды тебелеп-тепсешти.

19 Биз Өзүң эч качан бийлик кылбаган, Сенин атың менен аталбаган элдей болуп калдык.

**64-БӨЛҮМ**

1 Оо, эгерде Сен асманды жарып түшүп келсең, Сенин жүзүңдөн тоолор эрип кетмек.

2 Сенин ысымыңды душмандарыңа белгилүү кылыш үчүн, алар эритүүчү оттон эригендей, сууну кайнаткан оттон эригендей эримек. Сенин жүзүңдөн бардык элдер титиреп кетмек.

3 Сен биз күтпөгөн коркунучтуу иштерди кылганыңда жана асмандан түшүп келгениңде, Сенин жүзүңдөн тоолор эриди.

4 Анткени Теңирден үмүт кылгандар үчүн ушунчалык көп иштерди жасаган Сенден башка Кудайды кылымдардын башталышынан бери эч бир кулак уккан эмес, эч бир көз көргөн эмес.

5 Кубанган адамды, адилеттикти жараткан адамды, Сенин жолдоруңда Сени унутпаган адамды Сен мээримдүүлүк менен тосуп алып турдуң. Бирок мына, Сен каардандың, анткени биз эзелтеден бери күнөө кылып келе жатабыз. Анан биз кантип куткарылабыз?

6 Биз баарыбыз таза эместей болуп калдык, биздин болгон адилеттигибиз булганган кийимдей. Баарыбыз жалбырактай болуп соолуп калдык, мыйзамсыздыктарыбыз бизди шамалдай учуруп жатат.

7 Сенин ысымыңды чакырган, Сенден таптакыр кетпөөнү жүрөгүндө чечкен адам жок. Ошондуктан Сен бизден Өз жүзүңдү жашырдың, өз мыйзамсыздыктарыбыздын айынан жок болушубузга жол бердиң.

8 Бирок азыр, Теңир, Сен биздин Атабызсың. Биз топуракпыз, Сен болсо биздин Жаратуучубузсуң, биз баарыбыз Сенин колуңдун ишибиз.

9 Теңир, ченемсиз каарданба, мыйзамсыздыкты түбөлүккө эскере бербе. Бизге көз сал, биз баарыбыз Сенин элиңбиз.

10 Сенин ыйык шаарларың чөлгө айланды. Сион чөл болуп калды. Иерусалим ээн калды.

11 Ата-бабаларыбыз Сени даңазалаган, ыйык, даңкка толгон үйүбүз өрттөлдү, бардык асыл буюмдарыбыз таланып-тоноолду.

12 Теңир, Сен ушундан кийин да карманып тура бересиңби? Унчукпай, бизди ченемсиз жазалай бересиңби?

**65-БӨЛҮМ**

**Кудайдын баш ийбегендерди жазалары жөнүндө**

1 «Мен Мени сурабагандарга ачылдым. Мени издебегендер Мени табышты. Менин ысымым менен аталбаган элге: “Мына Мен! Мына Мен!” – дедим.

2 Мен баш ийбеген, жаман жол менен жүргөн, өз ойлору менен жүргөн элге,

3 токойлордо курмандык чалып, кыш үстүндө жыпар жыттуу зат түтөтүп, Мени дайыма ачуулантхан,

4 мүрзөлөрдө отурган, үңкүрлөрдө түнөгөн, чочконун этин жеген, идиштерине жийиркеничтүү тамак бышырган элге бир күн бою колумду сунуп турдум.

5 Ал эл: “Токто, мага жакындаба, анткени мен сенден ыйыкмын”, – дейт. Ал эл – Менин таноом үчүн түтүн, бир күн бою күйүп турган от.

6 Менин алдымда мына мындай деп жазылган: Унчукпай калбайм, жазалайм, аларды мыйзамсыздыгына жараша жеткире жазалайм.

7 Силерди мыйзамсыздыктарыңар үчүн, – дейт Теңир, – тоолордо жыпар жыттуу зат түтөтүп, адырларда Мени шылдыңдаган ата-бабаларыңардын мыйзамсыздыгы үчүн жазалайм. Аларды мурунку иштерине жараша жеткире жазалайм».

8 Теңир мындай дейт: «Жүзүмдүн шиңгили ширелүү болуп турганда: “Ага зыян кылба, анткени ал бата алган”, – дешет. Ошол сыңары, бардыгын өлтүрбөш үчүн, Мен Өзүмдүн кулдарым үчүн ушундай кылам.

9 Жакыптан тукум чыгарам, Жүйүттөн Менин тоолорума мурасчы чыгарам: Менин тандалган адамдарым ал жерди ээлеп алышат, Менин кулдарым ал жерде жашап калышат.

10 Шарон койлор үчүн жайыт болот, Акор өрөөнү Мени издеген Өз элимдин өгүздөрүнө жата турган жай болот.

11 Ал эми Теңирди таштаган, Менин ыйык тоомду унуткан, Гат үчүн дасторкон даярдаган, Мени үчүн чөйчөк толо шарап куйган силерди болсо

12 Мен кылычка салып берем, баарыңар мууздалууга тизе бүгүп бересиңер, анткени Мен чакырганда, силер жооп берген жоксуңар, Мен сүйлөгөндө, силер укпай койдуңар, тескерисинче, Менин көз алдымда жамандык кылдыңар, Мага жакпаган нерсени тандап алдыңар».

13 Ошондуктан Теңир мындай дейт: «Менин кулдарым жешет, силер болсо ачка болосуңар. Менин кулдарым ичишет, силер болсо суусайсыңар.

14 Менин кулдарым кубанышат, силер болсо уятка каласыңар. Менин кулдарым жүрөктөрүнүн кубанганынан ырдашат, силер болсо жүрөгүңөрдүн кайгысынан кыйкырасыңар, рухуңардын кыйналганынан боздоп ыйлайсыңар.

15 Өзүңөрдүн ысымыңарды Менин тандап алган адамдарым үчүн каргышка калтырасыңар. Сени Кудай-Теңир өлтүрөт, Өзүнүн кулдарын болсо башка ысым менен атайт.

16 Ал ысым менен ким өзүнө жер үстүндө бата берсе, ал чындыктын Кудайынан бата алат. Ким жер үстүндө ант берсе, ал чындыктын Кудайы менен ант берет, анткени мурунку кайгылар унутулат жана Менин көз алдымдан жок болуп кетет.

**Ысрайылдын батага ээ болору жөнүндө**

17 Анткени мына, Мен жаңы асманды жана жаңы жерди жаратып жатам, мурункулар мындан ары эскерилбейт, ойго да келбейт.

18 Силер болсо Мен жаратканга кылымдар бою кубанып, шаттанасыңар: анткени мына, Мен Иерусалимди шаттык менен жаратып жатам, анын элин кубаныч менен жаратып жатам.

19 Мен Иерусалимге кубанам, Өз элиме сүйүнөм. Эми анын ичинде ыйдын үнү, боздогон үн угулбайт.

20 Ал жерде эми жетер жашына жетпеген ымыркай бала же кары адам болбойт, анткени жүз жаштагы адам жаш бойдон өлөт, бирок жүз жаштагы күнөөкөр каргышка калат.

21 Жаңы үйлөрдү куруп, ошол үйлөрдө жашашат, жүзүмзарларды отургузуп, мөмөлөрүн жешет.

22 Алар башка бирөө жашаш үчүн үй курушпайт, башка бирөө жеш үчүн жүзүмзар отургузушпайт, анткени Менин элимдин өмүрү дарактын өмүрүндөй болот. Мен тандап алган адамдар өз эмгегинин үзүрүн көпкө чейин көрүшөт.

23 Алар текке эмгектенбейт, балдарын кайгы үчүн төрөбөйт, анткени алар Теңирдин батасын алган тукум болот, алардын укум-тукуму өздөрү менен бирге болот.

24 Алар чакырардан мурун эле, Мен жооп берем. Алар сүйлөп жатканда эле, Мен угам.

25 Карышкыр менен козу бирге жайылат, арстан өгүздөй болуп саман жейт, ал эми жыландын тамагы топурак болот. Алар Менин ыйык тоомдун эч бир жерине зыян келтирбейт, жамандык кылбайт», – дейт Теңир.

**66-БӨЛҮМ**

**Кудайдын элдерди жазалары жөнүндө**

1 Теңир мындай дейт: «Асман Менин тагым, жер болсо – буттарымды коё турган жер. Анан силер Мага кайсы жерге үй курасыңар? Менин эс ала турган жайым кайсы жерде болот?

2 Анткени мунун баарын Менин колум жасады, мунун баары болду, – дейт Теңир. Бирок мен мындай адамга: моюн сунган, руху менен кайгырган, Менин сөзүмдүн алдында титиреп турган адамга көз кырымды салам.

3 Өгүздү сойгон адам киши өлтүргөн адамга барабар. Козуну курмандыкка чалган адам итти муунткан адамга барабар. Нан курмандыгын алып келген адам чочконун канын алып келген адамга барабар. Жыпар жыттуу зат түтөткөн адам буркангa сыйынган адамга барабар. Алар өз жолдорун тандап алышты, алардын жаны өздөрүнүн жийиркеничтүү нерселеринен ыракат алат.

4 Ошондуктан Мен алардын азгыруучу нерселерин пайдаланам, аларга коркунучтуу нерсени каптатам, анткени Мен чакырганда, эч ким жооп берген жок, Мен сүйлөгөндө, алар укпай коюшкан. Тескерисинче, алар Менин көз алдымда жамандык кылышты, Мага жакпаган нерсени тандап алышты».

5 Теңирдин сөзүнүн алдында титиреп тургандар, Анын сөзүнө кулак салгыла: «Менин ысымым үчүн силерди жек көргөн, силерди куугунтукка алган силердин бир туугандарыңар: "Теңир Өз даңкы менен Өзүн көрсөтсүн, ошондо биз силердин кубанганыңарды көрөбүз", – дешет. Бирок алар уятка калышат».

6 Мына, шаардан ызы-чуу чыгып жатат, ийбадатканадан бир үн чыгып жатат. Ал үн – Өз душмандарынын жазасын берип жаткан Теңирдин үнү.

7 Толгоо тартпай туруп эле төрөп койду, толгоосу келе электе эле уул төрөдү.

8 Мындайды ким укту эле? Мындайды ким көрдү эле? Бир күндө пайда болгон өлкө барбы? Бир заматта жаралган эл барбы? Сион сыяктуу толгоосу тартып-тартпай эле уул төрөгөн барбы?

9 «Ай-күнүнө жеткирип, төрөтпөй коймок белем? – дейт Теңир. Же болбосо төрөгөнгө күч берип туруп, курсакты бекитип коймок белем?» – дейт сенин Кудайың.

10 Иерусалим менен кошо кубангыла, аны сүйгөндөрдүн баары, ага сүйүнгүлө! Ал жөнүндө кайгыргандардын баары, аны менен кошо кубангыла!

11 Ошондо анын сооротуучу төшүнөн тамактанып тоёсуңар, анын ашып-ташыган даңкынан тоё ичип ыракаттанасыңар.

12 Анткени Теңир мындай дейт: «Мына, Мен ага тынчтыкты дарыядай агызып жатам, силердин жыргалчылыгыңар үчүн элдердин байлыгын ташкындаган суудай агызып жатам. Силерди колдоруна көтөрүп жүрүшөт, тизелерине алып эркелетишет.

13 Мен силерди энеси баласын соороткондой сооротом. Силер Иерусалимде соороносуңар.

14 Ошондо муну көрүп, жүрөгүңөр кубанат, сөөгүңөр жаш өсүмдүктөй гүлдөйт». Теңирдин колу Өзүнүн кулдарына ачылат, Өз душмандарына болсо каарданат.

15 Анткени Теңир Өзүнүн ачуусун каары менен, Өзүнүн каарын жалындаган от менен төгүш үчүн, от ичинде келет, Анын арабалары куюндай болуп келет.

16 Анткени Теңир ар бир адамды Өзүнүн кылычы жана оту менен жазалайт, Теңир өлтүргөндөр көп болот.

17 «Ал эми токойчолорго барып табыныш үчүн өздөрүн тазалап, ыйыктагандар, биринин артынан бири чочконун этин, жийиркеничтүү нерселерди жана чычкандарды жегендердин баары кырылат, – дейт Теңир.

18 Анткени Мен алардын иштерин жана ойлорун билем. Мен бардык элдерди, ар кандай тилде сүйлөгөн элдерди чогултуш үчүн келем. Алар келип, Менин даңкымды көрүшөт.

19 Ошондо алардын үстүнө белги коём, алардын ичинен куткарылгандарды элдерге жиберем: Таршышка, Пулга, Лутка, жаа тарткандарга, Тубалга, Жабанга, Мен тууралуу укпаган жана Менин даңкымды көрбөгөн алыскы аралдагыларга жиберем. Алар Менин даңкымды бардык элдерге жарыя кылышат.

20 Ысрайыл уулдары Теңирдин үйүнө таза идишке салып тартуу алып келген сыяктуу, бардык элдердин арасынан бүт бир туугандарыңарды алып, аттарга мингизип, арабаларга түшүрүп, замбилдерге салып, качырларга жана күлүк төөлөргө мингизип, Теңирге тартуу катарында Иерусалимдеги Менин ыйык тоомо алып келишет, – дейт Теңир.

21 Ошондой эле алардын арасынан ыйык кызмат кылуучу жана леби кылып алам, – дейт Теңир.

22 Анткени Мен жарата турган жаңы асман жана жаңы жер дайыма Менин алдымда тургандай эле, – дейт Теңир, – силердин тукумуңар да, ысымыңар да дайыма Менин алдымда турат.

23 Ошондо ай сайын, ишемби сайын ар бир адам Менин алдыма таазим кылууга келип турат, – дейт Теңир.

24 Сыртка чыгып, Менден баш тарткан адамдардын өлүктөрүн көрүшөт, анткени алардын курту өлбөйт, алардын оту өчпөйт. Алар ар бир адам үчүн жийиркеничтүү болот».

**ЖЕРЕМИЯ**

**1-БӨЛҮМ**

**Кириш сөз**

1 Бенжемин жериндеги Анатотто жашаган ыйык кызмат кылуучулардын бири Хилкиянын уулу Жеремиянын сөздөрү.

2 Ага Жүйүт падышасы Амон уулу Жошиянын тушунда, анын падышачылыгынын он үчүнчү жылында Теңирден сөз болду.

3 Ага Жүйүт падышасы Жошия уулу Жайакимдин тушунда, Жүйүт падышасы Жошия уулу Ситкиянын падышачылыгынын он биринчи жылынын акырына чейин, Иерусалимдегилер туткундалып кеткенге чейинки бешинчи айда Теңирден дагы сөз болду.

**Жеремиянын пайгамбарлыкка дайындалышы**

4 Ошондо Теңирден мага мындай сөз болду:

5 «Мен сени энеңдин ичинде Өзүм жаратканга чейин эле билчүмүн, сен төрөлгөнгө чейин эле, Мен сени ыйыктагам: сени элдерге пайгамбар кылып койгом».

6 Бирок мен: «Оо Кудай-Теңир! Мен сөз сүйлөгөндү билбейм, анткени өтө эле жашмын», – дедим.

7 Бирок Теңир мага мындай деди: «“Жашмын”, – дебе, анткени Мен сени кимге жиберсем, ошолордун бардыгына барасың; Мен сага эмнени буйрусам, ошону айтасың.

8 Алардан коркпо. Сени куткаруу үчүн, Мен сени мененмин, – деди Теңир».

9 Ошондо Теңир Өз колун сунуп, менин оозума тийгизди, анан Теңир мага мындай деди: «Мына, Мен Өзүмдүн сөздөрүмдү сенин оозуңа салдым.

10 Байка, бүгүн Мен сени элдердин, падышачылыктардын үстүнө аларды жок кылуу жана талкалоо үчүн, выруу жана кыйратуу үчүн, кайра тургузуу жана отургузуу үчүн койдум».

**Бадам жыгачынан жасалган таяк жана казан жөнүндө көрүнүш**

11 Теңирден мага мындай сөз болду: «Жеремия, сен эмнени көрүп турасың?» Мен: «Бадам жыгачынан жасалган таякты көрүп турам», – дедим.

12 Теңир мага: «Сен туура көрүп турасың, анткени Менин сөзүм жакында аткарылышы үчүн, Мен Өз сөзүмө көз салып турам», – деди.

13 Дагы бир жолу Теңирден мага мындай сөз болду: «Сен эмнени көрүп турасың?» Мен: «Түндүк жакты караган, кайнап жаткан казанды көрүп турам», – дедим.

14 Теңир мага мындай деди: «Бул жерде жашоочулардын бардыгына кайгы түндүк тараптан келет.

15 Анткени мына, Мен түндүк падышачылыктарынын бардык урууларын чакырам, – дейт Теңир, – алар келип, ар бири Иерусалимдин дарбазасынын кире беришине, анын бүт дубалдарын тегерете, Жүйүттүн бардык шаарларына өз тактысын орнотот.

16 Бүт мыйзамсыздыктары үчүн, Мени таштап кетишкени үчүн, бөтөн жерликтердин кудайларына жыпар жыттуу зат түтөтүшкөнү үчүн, өз колдору менен жасаган нерселерге табынышкандыгы үчүн, Мен аларга Өз өкүмдөрүмдү жарыялайм.

17 Сен болсо белиңди бек бууп, ордуңан тургун да, Мен сага эмнени буйрусам, аларга ошонун бардыгын айт. Алардын алдында коркпо, болбосо Мен сени алардын көз алдында өлтүрүп салам.

18 Мына, азыр Мен сени бүт өлкөгө каршы, Жүйүт падышаларына каршы, анын төрөлөрүнө каршы, анын ыйык кызмат кылуучуларына каршы, ушул жердин элине каршы чептүү шаар, темир мамы жана жез дубал кылып койдум.

19 Алар сага каршы күрөшөт, бирок сени жеңе алышпайт, анткени сени куткарыш үчүн, Мен сени мененмин, – дейт Теңир».

**2-БӨЛҮМ**

**Ысрайылдын жаш чагы жана анын ата-бабаларынын күнөөсү жөнүндө**

1 Теңирден мага мындай сөз болду:

2 «Бар, Иерусалимдин кулагына айт: Теңир мындай деп жатат де: “Сенин жаш чагыңдагы достугуң, колукту болуп турган кездеги сүйүүң, Менин артымдан чөлдө, эч нерсе айдалбаган жерде ээрчип жүргөнүң эсимде.

3 Ысрайыл Теңирдин ыйыгы болчу, Анын биринчи жемиши эле. Аны жегендердин бардыгы жазаланчу, алардын башына кайгы түшчү”», – дейт Теңир.

4 Жакыптын тукуму, Ысрайылдын бардык тукумдары, Теңирдин сөзүн уккула!

5 Теңир мындай дейт: «Менден алыстап, убаракерчиликтин артынан жүрүп курулай убаракерчиликке батып кеткидей, силердин ата-бабаларыңар Менден кандай жалгандыкты табышты?

6 Алар: “Бизди Мисир жеринен алып чыккан, бизди чөл менен, ээн, эл жашабаган жер менен, суусуз жер менен, өлүм көлөкөсүнүн жери менен, эч ким баспаган, эч ким жашабаган жер менен алып жүргөн Теңир кана?” – деп айтышкан жок.

7 Мен силерди түшүмдүү жерге алып келдим, анын жемиштери менен түшүмүн жесин дедим. Силер болсо ал жерге кирип, Менин жеримди булгадыңар, Менин энчимди жийиркеничтүү жерге айланттыңар.

8 Ыйык кызмат кылуучулар: “Теңир кайда?” – дешкен жок, мыйзамды окутуучулар Мени билишкен жок, койчулар Мени таштап кетишти, пайгамбарлар Баалдын атынан пайгамбарчылык кылып, жардам бербеген нерселердин артынан жүрүштү.

**Кудай Өзүнүн эли менен соттошот**

9 Ошондуктан Мен силер менен дагы соттошом, – дейт Теңир, – уулдарыңардын уулдары менен да соттошом.

10 Китим аралдарына барып карагыла, Кейдарга киши жиберип, кылдаттык менен изилдеп карап чыккыла: ал жерлерде ушуга окшогон нерселер болгон бекен?

11 Кудай эмес экенине карабастан, кайсы эл өз кудайларын алмаштырды? Менин элим болсо өзүнүн даңкын жардам бербеген нерсеге алмаштырды.

12 Асман, буга таң кал, титире, үрөйүң учсун! – дейт Теңир.

13 Анткени Менин элим эки жамандык кылды: Мени, тирүү суунун башатын, таштап кетишти, өздөрүнө талкаланган, суу сактай албаган кудуктарды казып алышты.

14 Ысрайыл кул беле? Же ал үйдө төрөлгөн кул беле? Эмне үчүн ал олжо болуп калды?

15 Ага жаш арстандар айкырышты, үндөрүн көтөрүп, анын жерин чөл кылышты. Анын шаарлары өрттөлүп, тургундарынан ажырады.

16 Ноп менен Такпанкестин уулдары сенин төбөңдү кырып салышты.

17 Бул Кудай-Теңириң жол көрсөтүп бара жатканда, Аны таштап койгонуң үчүн болгон жокпу?

18 Эми сен эмне үчүн Мисирге барганы жатасың, Нил суусунан ичиш үчүнбү? Эмне үчүн Ашурга барганы жатасың, анын дарыяларынан суу ичиш үчүнбү?

19 Сени өзүңдүн мыйзамсыздыгың жазалайт, сени өзүңдүн бузуктугуң ашкере кылат. Ошондуктан Кудай-Теңириңди таштап кеткениң кандай жаман, кандай кайгылуу экенин бил, түшүн, сенде Менден коркуу деген жок, – дейт Себайот Кудай-Теңир.

**Ысрайылдын ишенимсиздигинин натыйжасы**

20 Анткени Мен мурун эле сенин моюнтуругуңду талкалагам, кишендериңди үзгөм, ошондо сен: "Жасалма кудайларга кызмат кылбайм", – дегенсиң. Бирок ар бир бийик дөңсөөнүн үстүндө, ар бир бутактуу дарак астында бузуктук кылдың.

21 Мен сени жакшы жүзүм сабагы, эң таза урук кылып тиктим. Анан кантип сен Менин жеримде башка бирөөнүн жүзүм сабагынын жапайы бутагына айланып калдың?

22 Ошондуктан сен самын менен жуунсаң да, өзүңө шакарды көп колдонсоң да, Менин алдымда сенин мыйзамсыздыгың белгиленип коюлду, – дейт Кудай-Теңир.

23 Сен: "Мен өзүмдү булгаган жокмун, Баалдын артынан жүргөн жокмун", – деп кантип айтасың? Сен өзүңдүн өрөөндөгү жолуңду карап көрчү, сен, өз жолдорун бузган, оюн салган иңген, эмне кылганыңды бил.

24 Чөлгө көнгөн, жаны кумарданып аба жуткан жапайы ургаачы эшекти ким токтото алат? Аны издегендердин баары чарчабайт: аны өзүнүн айы келгенде таап алышат.

25 Бутуңдун бут кийим жыртуусуна, кекиртегиңдин суусап кургап кетүүсүнө жол бербе. Бирок сен: "Жок, үмүт кылба! Анткени башкаларды жакшы көрөм, алардын артынан жүрөм", – дедиң.

**Ысрайыл жазага татыктуу**

26 Ууру кармалганда маскара болгон сыяктуу, Ысрайыл да өзүн маскара кылды: Ысрайыл эли да, падышалары да, төрөлөрү да, ыйык кызмат кылуучулары да, пайгамбарлары да

27 жыгачка: "Сен менин атамсың", ал эми ташка: "Сен мени төрөгөнсүң", – дешет. Анткени алар Мага жүзүн бурбастан, далысын салышты. Бирок алардын башына кайгы түшкөндө: "Тур, бизди куткар!" – дешет.

28 Сенин өзүңө жасап алган кудайларың кайда? Эгерде алар сени башыңа кайгы түшкөндө куткара алышса, анда ордунан турушсун, анткени сенин канча шаарың болсо, кудайларың да ошончо, Жүйүт.

29 Мени менен талашып-тартышуунун силерге эмне кереги бар? Баарыңар Мага каршы күнөөгө баттыңар, – дейт Теңир.

30 Мен силердин балдарыңарды бекер эле урдум, алар акыл-насаатты кабыл алышкан жок. Пайгамбарларыңарды өзүңөрдүн кылычыңар жок кылуучу арстандай жеп жатты.

31 Оо адамдар! Силер Кудайдын сөзүн уккула: Мен Ысрайыл үчүн чөл болдум беле? Мен ал үчүн караңгылыктын өлкөсү болдум беле? Эмне үчүн Менин элим: “Биз өзүбүзгө өзүбүз мырзабыз. Биз эми Сага келбейбиз”, – дешет?

32 Кыз өз жасалгасын, колукту өз курун унутат бекен? Менин элим болсо Мени унутуп салды, унуткан күндөрүнө эсеп жок.

33 Сүйүүгө аракет кылып жетүү үчүн, өзүңө жол тапканга кандай чеберсиң? Атүгүл, ошол үчүн өз жолдоруңду кылмышка ылайыкташтырдың.

34 Атүгүл, кийимиңдин этегинде жарды, жазыксыз адамдардын каны бар. Аларды сен эшикти сындырып жаткан жеринен тапкан жоксуң, ошонун баарына карабай, мындай деп жатасың:

35 “Мен күнөөлүү болбогондуктан, Анын каары менден бурулары чын”. Мына, “Мен күнөө кылган эмесмин”, – дегениң үчүн, Мен сени менен соттошом.

36 Өз жолуңду улам алмаштырып, сен өзүңдү кандай кемсинттиң! Ашур сени маскара кылгандай эле, Мисир да сени маскара кылат.

37 Сен андан да колуңду төбөңө коюп чыгасың, анткени Теңир сенин үмүтүңдү четке какты, алар менен ийгиликке жетпейсиң.

**3-БӨЛҮМ**

**Ысрайылдын ишенимсиздиги**

1 Мындай деп айтышат: “Эгерде күйөөсү аялын коё берсе, аялы андан кетип, башка күйөөгө тийип, кайра мурунку күйөөсүнө кайрылып келсе болобу?” Ушул үчүн ал өлкө булганбайт бекен? Сен болсо көп ойношторуң менен бузуктук кылдың, ошого карабастан Мага кайрылып кел, – дейт Теңир.

2 Башыңды көтөрүп, бийик жерлерди кара, сени менен кайсы жерде гана бузуктук кылышкан жок? Чөлдө отурган аравиялыктай болуп, сен алар үчүн жолдун боюнда отурдуң, бузукулугуң жана анткорлугуң менен жерди булгадың.

3 Ошон үчүн жамгыр кармалды, кеч жамгыр да болгон жок, бирок сенин чекең бузулган аялдын чекесиндей эле, сен уят-сыйытты таштап койдуң.

4 Сен азыр эле Мага мындай деп кайрылбадыңбы: “Ата, Сен менин жаш кезимдеги жол көрсөтүүчүм элең!

5 Ал кантип эле дайыма каардана берсин? Кантип эле каарын Өзүндө түбөлүк кармап тура берсин?” Мына, сен ушинтип айтып жатасың, бирок күчүң жеткенче жамандык кылып жатасың».

**Кудайдын тобо кылууга чакырышы**

6 Жошия падышанын тушунда Теңир мага мындай деди: «Сен бузулган Ысрайылдын эмне кылганын көрдүңбү? Ал ар кайсы бийик тоолорго жана ар кандай бутактуу дарактардын түбүнө барып, ошол жерлерде бузуктук кылды.

7 Ал ушунун бардыгын кылгандан кийин, Мен ага: "Мага кайрылып кел", – дедим. Бирок ал кайрылып келген жок. Муну анын ишенимсиз эжеси Жүйүт көрдү.

8 Мен бузулган Ысрайылды бардык бузуктук иштери үчүн коё берип, колуна ажырашуу катын бергенден кийин, анын ишенимсиз эжеси Жүйүттүн коркпогондугун, ал да барып, бузуктук кылганын көрдүм.

9 Ал өзүнүн ачык бузуктук кылуусу менен жерди булгады, таш менен да, жыгач менен да ойноштук кылды.

10 Бирок ушунун баарына карабастан, анын ишенимсиз эжеси Жүйүт Мага чын жүрөктөн кайрылган жок, анткорлук менен эле кайрылды», – дейт Теңир.

11 Мага Теңир мындай деди: «Бузулган Ысрайыл ишенимсиз Жүйүткө караганда адилеттүүрөөк болуп чыкты.

12 Бар, бул сөздөрдү түндүккө жарыяла, мындай деп айт: "Бузулган Ысрайыл, кайрылып кел, – дейт Теңир, – Мен силерге Өз каарымды төкпөйм, анткени Мен ырайымдуумун, түбөлүк каарданбайм.

13 Бирок өз күнөөңдү мойнуңа ал, анткени сен Кудай-Теңириңден четтеп, ар кайсы бутактуу дарактын түбүндө бөлөк буркандар менен бузуктук кылдың, Менин үнүмдү болсо укпай койдуңар", – дейт Теңир.

14 "Ишенимсиздер, кайрылып келгиле, – дейт Теңир, – анткени Мен силер менен никелешкем, силерден – ар бир шаардан бирден, ар бир уруудан экиден киши алам, анан силерди Сионго алып келем.

15 Анан Мен силерге Менин жүрөгүмө жаккан койчуларды берем, алар силерди билим менен, акыл менен кайтарышат.

16 Силер жер үстүндө укумдап-тукумдап көбөйгөндө, ошол күндөрү, – дейт Теңир, – "Теңирдин келишим сандыгы" деп айтпай калышат. Ал адамдын оюна да келбейт, аны эстеп да коюшпайт, ага барышпайт, анын өзү да болбойт.

17 Ошол убакта Иерусалимди Теңирдин тагы деп аташат. Бардык элдер Теңирдин ысымы үчүн Иерусалимге чогулушат, ошондон кийин өздөрүнүн жаман жүрөгүнүн өжөрлүгү боюнча жүрүшпөйт.

18 Ошол күндөрү Жүйүт тукуму Ысрайыл тукумуна келет, анан алар түндүктөн Мен силердин ата-бабаларыңарга мурас кылып берген жерге бирге келишет.

**Кудай элинин жалган кудайларга табынышы**

19 Бирок Мен мындай дедим: "Мен сени балдардын катарына кантип коём, Мен сага көп элдер ээлеген эң сонун, адам суктанарлык жерди кантип берем?" Дагы мындай деп айттым: "Сен Мени "Ата" дейсиң, Менден четтебейсиң".

20 Бирок, чынында эле, аялы өз жолдошуна жүзү каралык менен опаасыздык кылган сыңары, Ысрайыл, силер да Мага ошондой ишенимсиздик кылдыңар, – дейт Теңир.

21 Бийик жерлерде үн угулат, Ысрайыл уулдарынын аянычтуу ыйы угулат, анткени алар өз жолдорун бузушту, өз Кудай-Теңирин унутушту.

22 Кайрылгыла, ишенимсиз балдар, Мен силерди баш ийбестигиңерден айыктырам». «Мына, биз Сага келе жатабыз, анткени Сен биздин Кудай-Теңирибизсиң!

23 Чындыгында, биз дөбөлөргө жана көп сандаган тоолорго бекер ишениптирбиз. Чындыгында, Ысрайылдын куткарылуусу Теңирден, биздин Кудайдан!

24 Жаш чагыбыздан бери бул жийиркеничтүү нерсе биздин ата-бабаларыбыздын эмгегин, алардын койлорун жана өгүздөрүн, уулдарын жана кыздарын жеп келе жатат.

25 Биз өз жийиркеничибизге батып жатабыз, бизди өз маскаралыгыбыз басып жатат, анткени биз Теңирдин алдында, өзүбүздүн Кудайыбыздын алдында күнөөгө баттык, биз да, биздин ата-бабаларыбыз да жаш чагыбыздан тартып ушул күнгө чейин Теңирдин, биздин Кудайыбыздын үнүн укпай келдик».

**4-БӨЛҮМ**

**Кудайга кайрылууга чакыруу**

1 «Ысрайыл, эгерде сен кайрылгың келсе, Мага кайрыл, – дейт Теңир. – Эгерде Менин алдымдан өзүңдүн жийиркеничтүү нерселериңди жок кылсаң, анда тентибейсиң».

2 Чындык менен, акыйкаттык менен, адилеттик менен: «Теңир тирүү!» – деп ант бересиң, элдер Теңирден бата алышат, Теңир менен мактанышат.

3 Анткени Жүйүт менен Иерусалимдин адамдарына Теңир мындай дейт: «Өзүңөргө жаңы эгин талааларды айдагыла, тикенектердин арасына сеппегиле.

4 Жүйүттүн адамдары, Иерусалимдин тургундары, жамандык кылууга жөндөмдүү болгондугуңар үчүн, Менин каарым силерге оттой жалындап, өчпөй күйбөшү үчүн, өзүңөрдү Теңир үчүн сүннөткө отургузгула, жүрөгүңөрдү сүннөткө отургузгула.

5 Жүйүт аймагына кабарлагыла жана Иерусалимде жар салгыла, айткыла, жерди аралап сурнай тарткыла. Катуу кыйкырып: “Келгиле, чогулуп алып чептүү шаарларга баралы”, – деп айткыла.

6 Сиондо туу көтөргүлө, чепке качкыла, токтобогула, анткени Мен түндүктөн кайгы жана чоң кыргын алып келем».

7 Өзүнүн чытырман токоюнан арстан чыгып келе жатат, элдерди кыруучу чыгып келе жатат: ал өзүнүн ордунан сенин жериңди чөлгө айландырыш үчүн чыгып келе жатат. Шаарларың талкаланып, тургундары жок калат.

8 Ошондуктан зумбал курчанып алып ыйлагыла, өкүргүлө, анткени Теңирдин жалындаган каары бизден кайт болбойт.

9 «Ошол күнү, – дейт Теңир, – падышанын жүрөгү жана төрөлөрдүн жүрөгү катып калат. Ыйык кызмат кылуучулардын үрөйлөрү учат, пайгамбарлар таң калышат».

10 Ошондо мен: «Оо Кудай-Теңирим! “Силерде тынчтык болот” деп, Сен бул элди жана Иерусалимди кызыктырып эле койдуң беле? Бирок кылычтан кырылып жатабыз», – дедим.

11 Ошол мезгилде бул элге жана Иерусалимге мындай деп айтылат: «Менин элимдин кызынын жолуна чөлдүн бийик адырларынан куйкалоочу шамал келет. Ал шамал эгин сапырыш үчүн эмес, эгин тазалаш үчүн да эмес.

12 Ал жактан Мага мындан да катуу шамал келет, ошондо Мен аларга Өз өкүмүмдү жарыялайм».

**Жүйүт аймагы душмандардын курчоосунда**

13 Мына, ал булуттардай болуп көтөрүлүп жатат, анын арабалары куюндай, анын аттары бүркүттөн да ыкчам. Бизге кайгы! Анткени биз талкаланабыз.

14 Иерусалим, куткарылышың үчүн, жүрөгүңдөн жаман нерсени жууп сал. Качанга чейин сенде жаман ойлор уялайт?

15 Анткени азыр эле Дандан үн угулуп жатат, Эпрайым тоосунан өлүм кабары келе жатат:

16 «Элдерге кабарлагыла, Иерусалимге билдиргиле: Алыскы өлкөдөн курчап алуучулар келе жатышат, өздөрүнүн кыйкырыктары менен Жүйүттүн шаарларын жаңыртып жатышат».

17 «Алар Иерусалимди туш-туштан талаа сакчыларындай болуп курчап келе жатышат, анткени ал Мага каршы козголоң чыгарды, – дейт Теңир.

18 Сенин жолдоруң менен кылган иштериң ушуга себепкер болду. Сен мыйзамсыздыгыңдан ушунчалык кыйналып жатасың, ал жүрөгүңдү жаралап жатат».

**Эл үчүн кайгыруу**

19 Жаным! Жаным! Жүрөгүмдүн тереңинде кайгырып жатам, жүрөгүм толкунданып жатат, унчукпай коё албайм. Анткени сен, жаным менин, сурнай үнүн, согуш коркунучун угуп жатасың.

20 Кайгы артынан кайгы! Бүт өлкө кыйрап жатат, күтүлбөгөн жерден менин үйлөрүм кыйрады, көз ирмегенче менин чатырларым кыйрады.

21 Мен качанкыга чейин тууларды көрөм, сурнай үнүн угам?

22 «Бул Менин элимдин акылсыздыгынан, Мени билбегендигинен болду. Алар – акылсыз балдар, аларда акыл жок. Алар жамандык кылганга акылдуу, бирок жакшылык кылууну билишпейт».

**Жеремиянын кыйроо жөнүндө көргөн көрүнүшү**

23 Жерди карасам, мына, ал кыйрап, ээн калды, асманды карасам, анын жарыгы жок.

24 Тоолорду карасам, мына, алар титиреп жатат, бүт адырлар солкулдап жатат.

25 Карасам, мына, адам жок, асмандагы куштардын баары туш-тушка учуп кетиптир.

26 Карасам, мына, Кармел чөлгө айланыптыр, анын бүт шаарлары Теңирдин жүзүнөн, Анын катуу каарынан кыйраптыр.

27 Анткени Теңир мындай деген: «Бардык жер ээн калат, бирок таптакыр кырып салбайм.

28 Бул тууралуу жер ыйлайт, жогоруда асман түнөрөт, анткени Мен айттым, Мен белгиледим, ал үчүн өкүнбөйм, андан кайтпайм.

29 Атчан аскерлердин жана жаа тарткан аткычтардын ызы-чуусунан бүт шаар эли туш-тушка качат: алар калың токойлорго кетишет, аскаларга чыгышат. Бардык шаарлар ээн калат, аларда бир да тургун болбойт.

30 Ээн калган, сен, эми эмне кыласың? Сенин ачык кызыл кийим кийгениң да, алтын жасалгалар менен жасанганың да, көзүңдү боёгонуң да бекер. Ойношторуң сени жек көрүп калышты, алар сени өлтүргөнү жатышат.

31 Анткени мен төрөп жаткан аялдыкындай үндү, биринчи жолу төрөп жаткан аялдыкындай онтоону, Сион кызынын үнүн угуп жатам. Ал колун созуп онтоп жатат: “Оо, мага кайгы! Менин жаным киши өлтүрүүчүлөрдүн алдында кыйналып жатат!”

**5-БӨЛҮМ**

**Иерусалимдин күнөөсү**

1 Иерусалимдин көчөлөрүн аралагыла, карагыла, чалгындагыла, анын аянттарынан издегиле. Эгерде адилеттикти сактаган, чындыкты издеген адам тапсаңар, анда Мен Иерусалимди аяр элем.

2 Алар “Теңир тирүү!” дешкени менен, жалган убада беришет».

3 Оо Теңир! Сенин көздөрүң чындыкка бурулган эмеспи? Сен аларды уруп жатасың, алар болсо ооруганын сезишпейт. Сен аларды кырып жатасың, бирок алар акыл-насаатты уккулары келбейт. Алар өздөрүнүн жүзүн таштан да катуу кылып алышкан, кайрылгылары жок.

4 Ошондо мен: «Булар жакыр адамдар болсо керек. Алар акылсыз, ошондуктан Теңирдин жолун, өз Кудайынын мыйзамын билишпейт.

5 Мен атактууларга барып, алар менен сүйлөшөйүн, анткени алар Теңирдин жолун, өз Кудайынын мыйзамын билишет», – дедим. Бирок алар да моюнтурукту талкалап, кишендерди үзүп салышты.

6 Ошон үчүн аларды токойдон чыккан арстан өлтүрөт, аларды чөл карышкыры кырат, аларды шаарларынын жанында илбирс аңдып жатат. Ким шаардан чыкса, ал жырткычка жем болот, анткени алардын кылмышы көбөйүп кетти, бузуктугу артты.

7 «Бул үчүн Мен сени кантип кечирем? Сенин уулдарың Мени таштап кетишти, кудай эместер менен ант берип жатышат. Мен аларды тойгузуп турдум, алар болсо бузуктук кылып, топ-тобу менен бузулган аялдардын үйлөрүнө барып жүрүштү.

8 Алар – семиртилген айгырлар. Алардын ар бири башка бирөөнүн аялына азынап турат.

9 Кантип Мен аларды ушул үчүн жазалабай коёюн? – дейт Теңир. – Менин жаным ушундай элден кантип өч албай койсун?

10 Анын дубалдарына чыккыла да кыйраткыла, бирок баарын эмес. Алардын жаш бутактарын кыйып салгыла, анткени алар Теңирдики эмес.

11 Анткени Ысрайыл менен Жүйүт Мага ишенимсиздик кылышты, – дейт Теңир.

12 Алар Теңир тууралуу калп айтышып, мындай дешти: “Бул Теңирден эмес, биздин башыбызга мүшкүл түшпөйт, биз ачарчылыкты да, кылычты да көрбөйбүз.

13 Пайгамбарлар да жел болуп калышат, аларда Теңирдин сөзү жок. Бул нерселер алардын өз баштарына келсин”».

14 Ошондуктан Себайот Кудай-Теңир мындай дейт: «Силер ушундай сөздөрдү айтып жатканыңар үчүн, мына, Мен Өзүмдүн сөздөрүмдү сенин оозуңда от кылам, ал эми бул элди отун кылам, бул от аларды жалмайт.

15 Ысрайыл, Мен сага каршы алыстан бир эл алып келем. Ал эл – күчтүү эл, байыркы эл, сен тилин билбеген, сөзүн түшүнбөгөн эл, – дейт Теңир.

16 Анын саадагы ачык мүрзөдөй, алардын бардыгы – кайраттуу адамдар.

17 Алар сенин түшүмүңдү, эгиниңди жейт, сенин уулдарыңды жана кыздарыңды жейт, сенин койлоруңду жана өгүздөрүңдү жейт, сенин жүзүмүңдү жана анжырыңды жейт. Сен таянган чептүү шаарларыңды кылыч менен кыйратышат.

18 Бирок ошол күндөрү да силерди таптакыр кырып салбайм, – дейт Теңир.

19 Эгерде алар: "Булардын бардыгын Кудай-Теңир бизге эмне үчүн кылып жатат?" – дей турган болушса, анда мындай деп жооп бер: "Силер Мени таштап, өз жериңерде башка кудайларга кызмат кылганыңар үчүн, жат жерде бөтөн элге кызмат кыласыңар".

**Кудайдын Өз элин алдын ала эскертиши**

20 Муну Жакыпка кабарлагыла, Жүйүт аймагына жар салып, мындай дегиле:

21 "Муну ук, акылсыз эл, көзү бар болуп туруп көрбөгөн, кулагы бар болуп туруп укпаган, акыл-эси жок эл!"

22 Силер Менден коркпойсуңарбы? Менин алдымда калтырабайсыңарбы? – дейт Теңир. – Мен кумду деңизге чек ара, андан өтө албай турган түбөлүк чек кылып койдум. Анын толкундары жээкке канчалык умтулса да, аны бузуп өтө албайт. Деңиз долулана толкундаса да, андан өтө албайт.

23 Ал эми бул элдин жүрөгү өжөр, козголоңчул. Алар Теңирден четтеп кетишти.

24 Алар жүрөгүндө: "Кудай-Теңирибизден корколу, Ал бизге эрте жамгырды, кеч жамгырды өз маалында берет, биз үчүн Ал түшүм маалына белгиленген жумаларды сактайт", – дешпейт.

25 Силердин мыйзамсыздыгыңар буларды болтурбай салды, бул жакшы нерселерден силерди күнөөлөрүңөр ажыратты.

26 Анткени Менин элимдин арасында жаман адамдар бар. Алар кушчулардай аңдышат, жерге жатып алып, торлорду жайып, адамдарды кармашат.

27 Чымчыкка толгон капастай, алардын үйлөрү алдамчылыкка толгон. Ошол аркылуу алар текеберденишти, байышты.

28 Алар толушту, семиришти, ар кандай жамандыктын чегинен өтүштү, алар сот иштерин, жетимдердин иштерин адилеттүү чечишпейт, жыргап жашашат, жакырлардын адилеттүү ишине акыйкаттык кылышпайт.

29 Кантип Мен аларды ушул үчүн жазалабай коёюн? – дейт Теңир. – Менин жаным ушундай элден кантип өч албай койсун?

30 Бул жерде таң каларлык, коркунучтуу иштер болуп жатат.

31 Пайгамбарлар жалган пайгамбарчылык кылып жатышат, ыйык кызмат кылуучулар алардын жардамы менен бийлик кылып жатышат, Менин элим да муну жакшы көрөт. Эми ушулардын баарынан кийин силер эмне кыласыңар?»

**6-БӨЛҮМ**

**Иерусалимдин курчоого алынышы жөнүндөгү көрүнүш**

1 Бенжемин балдары, Иерусалимдин ичинен качкыла, Текояда сурнай тарткыла, Бейт-Акеремде от менен белги бергиле, анткени түндүктөн улуу кайгы жана кыйроо келе жатат.

2 «Мен Сиондун сулуу, эрке кызын кыйратам.

3 Койчулар өз койлору менен ага келишет, анын айланасына чатырларын тигишет. Ар бири өзүнүн жерине малын жаят».

4 Аны менен согушууга даярдангыла. Тургула, түштө барабыз. Бизге кайгы! Күн батып бара жатат, кечки көлөкө узарып калды.

5 Тургула, түн болсо да барабыз, анын чептерин кыйратабыз!

6 Анткени Себайот Теңир мындай дейт: «Дарактарды кыйгыла, Иерусалимге каршы жал жасагыла: бул шаар жазаланышы керек, ал зордук-зомбулукка толгон.

7 Булак өзүнөн суу бүркүп чыгаргандай, ал өзүнөн жамандык чыгарып жатат: анын ичинен зордук-зомбулук, талап-тоноочулук угулуп жатат. Менин алдымда дайыма кыйналуу жана кайгы тартуу болуп жатат.

8 Иерусалим, акылыңа кел, Менин жаным сенден алыстап кетпесин, Мен сени чөлгө, эч ким жашабаган жерге айлантпайын».

**Ысрайылдын ач көздүгү жана жалган иш кылганы үчүн айыпталынышы**

9 Себайот Теңир мындай дейт: «Ысрайылдын калдыгын жүзүм сыяктуу акырына чейин терип алышат. Себеттерди толтуруп, жүзүм жыйнаган адамдай, өз колуң менен иште.

10 Алар уксун үчүн, Мен кимге айтам, кимди эскертем? Мына, алардын кулагы сүннөтсүз, ошондуктан алар уга алышпайт. Мына, алар Теңирдин сөзүнө күлүп жатышат, Анын сөзү аларга жакпайт.

11 Ошондуктан Мен Теңирдин каарына аябай толдум, аны Өзүмдө кармап тура албайм. Аны көчөдөгү балдарга жана топтошкон уландарга төгөм. Аялы менен күйөөсү, улгайып калганы менен карылыгы жеткени олжого кетет.

12 Талаалары менен аялдары сыяктуу эле, үйлөрү да жат бирөөлөрдүн колуна өтөт, анткени Мен бул жердин тургундарына каршы колумду сунам, – дейт Теңир.

13 Анткени кичинесинен чоңуна чейин, булардын ар бири ач көздүккө берилген, пайгамбардан ыйык кызмат кылуучуга чейин жалган иш кылышат.

14 Менин элимдин жараатын “Тынчтык! Тынчтык!” деп, жеңил ойлуулук менен дарылап жатышат, бирок тынчтык жок.

15 Алар жийиркеничтүү иштерди кылгандан уялышабы? Жок, такыр уялышпайт, кызарып да коюшпайт. Ошон үчүн алар кулагандар менен кулашат, Мен аларды жазалаган күнү алар кулашат», – дейт Теңир.

**Ысрайылдын өзүнүн ишенимсиздигинин айынан жыгылышы**

16 Теңир мындай дейт: «Өзүңөрдүн бара жаткан жолуңарда токтогула, артыңарды карагыла, байыркы жолдор жөнүндө сураштыргыла, жакшы жол кайда экенин сурагыла, ошол жолго түшкүлө, ошондо жаныңарга тынчтык табасыңар». Бирок алар: «Барбайбыз», – дешти.

17 «Ошондо Мен силердин үстүңөрдөн сакчыларды коюп: “Сурнайлардын үнүн уккула”, – дедим. Бирок алар: “Укпайбыз”, – дешти».

18 «Ошондуктан кулак салгыла, элдер, алардын эмне болорун бил, жамаат!

19 Ук, жер жүзү! Мына, Мен бул элге бүлгүн түшүрөм, бул – алардын ойлорунун жемиши, анткени алар Менин сөздөрүмдү укпай, Менин мыйзамымды четке кагышты.

20 Шебадан келе жаткан ладандын, алыскы өлкөдөн келе жаткан жыпар жыттуу жылгындын Мага эмне кереги бар? Силердин бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыгыңар Мага жакпайт, курмандыктарыңар Мага жагымсыз».

21 Ошондуктан Теңир мындай дейт: «Мына, Мен бул элдин алдына тоскоолдуктарды коюп жатам, ага аталары балдары менен бирге, кошунасы досу менен бирге чалынат жана өлөт».

**Түндүктөн келе жаткан элдин кол салуусу**

22 Теңир мындай дейт: «Мына, түндүк жактагы өлкөдөн эл келе жатат, жер кыйырынан улуу эл көтөрүлүп келе жатат.

23 Алар колдоруна жаа, найза кармап алышкан. Алар катаал жана ырайымсыз, алардын үнү деңиздей шуулдайт, аттарга минип учуп келе жатышат, сени менен салгылашуу үчүн бир кишидей тизилишкен, Сион кызы».

24 Биз алар жөнүндө кабар укканда, эмне кыларыбызды билбей, кайгыга баттык, толгоо тарткан аялдай кыйналдык.

25 Талаага чыкпагыла, жолдо жүрбөгүлө, анткени душмандын кылычы келе жатат, туш-туштан коркунуч туулду.

26 Элимдин кызы, белиңди зумбал менен курча, башыңа күл сеп, жалгыз уулуң өлгөндөй кайгырып, катуу ыйла, анткени кыйратуучу бизге күтүлбөгөн жерден келет.

27 «Сен Менин элимди билишиң үчүн жана анын жолуна көз салып турушуң үчүн, Мен сени Өзүмдүн элимдин ичине мунара жана чеп кылып койдум.

28 Алардын баары – өтө ишенимсиз адамдар, ушакчылык кылып жашашат. Булар – жез жана темир, бардыгы бузулган адамдар».

29 Жел үйлөгөн көөрүк өрттөнүп кетти, коргошун отто жок болду: эритүүчү адам текке эритти, анткени андан жаман кошундулары бөлүнбөй калды.

30 Аларды четке кагылган күмүш деп аташат, анткени аларды Теңир четке какты.

**7-БӨЛҮМ**

**Жеремиянын Теңир үйүндө айткан насааты**

1 Теңирден Жеремияга айтылган сөз:

2 «Теңир үйүнүн дарбазасынын алдында тур, ал жерде бул сөздү жарыялап айт: Бүт жүйүт эли, Теңирге табыныш үчүн мына бул дарбазадан киргендер, Теңирдин сөзүнө кулак салгыла!

3 Ысрайылдын Себайот Кудай-Теңири мындай дейт: “Өз жолуңарды жана өз иштериңерди оңдогула, ошондо Мен силерди бул жерде жашатам.

4 "Бул – Теңирдин ийбадатканасы, Теңирдин ийбадатканасы, Теңирдин ийбадатканасы" деген жалган сөздөргө ишенбегиле.

5 Бирок жолуңарды, иштериңерди чыны менен эле оңдой турган болсоңор, бир адам менен анын жакынынын ортосунда адилеттүү сот жүргүзө турган болсоңор,

6 чет жерликтерге, жетим менен жесирлерге кысым көрсөтпөсөңөр, бул жерде жазыксыз кан төкпөсөңөр, өз башыңарга кайгы үйүп, бөлөк кудайлардын артынан ээрчибей турган болсоңор,

7 анда Мен силерди ушул жерде – ата-бабаңардын укум-тукумуна берген жерде жашатам.

8 Мына, силер өзүңөргө эч бир пайда алып келбеген жалган сөздөргө ишенесиңер.

9 Силер уурдап, киши өлтүрүп, бузуктук кылып, жалган ант берип, Баалга жыпар жыттуу зат түтөтүп, өзүңөр билбеген башка кудайлардын артынан жүрүп,

10 анан келип, Менин ысымым менен аталган ушул үйдө, Менин алдымда туруп, мындан ары да ушул жийиркеничтердин баарын кылыш үчүн: "Биз куткарылдык", – деп, кантип айтып жатасыңар?

11 Менин ысымым менен аталган бул үй силердин көзүңөргө каракчылардын уюгу болуп калган жокпу? Мына, Мен муну көрдүм, – дейт Теңир.

12 Мурун Өзүмдүн ысымымды орноткон жерим Шилого барып, Өзүмдүн элим Ысрайылдын кылган жамандыгы үчүн аны эмне кылганымды көргүлө.

13 Азыр да силер ушул иштердин баарын кылып жатканыңар үчүн, – дейт Теңир, – Мен силерге таң заардан баштап айткам, бирок силер уккан жоксуңар, силерди чакыргам, бирок силер жооп берген жоксуңар, – дейт Теңир.

14 Ошон үчүн Менин ысымым менен аталган, силер ишенген ушул үйдү, Мен силерге жана силердин ата-бабаларыңарга берген ушул жерди Шилону кандай кылсам, ошондой кылам.

15 Мен Өзүмдүн жүзүмдүн алдынан силердин бардык бир туугандарыңарды, Эпрайымдын бүт укум-тукумун, четке каккандай, силерди да четке кагам”.

**Элдин баш ийбестиги жана тоң моюндугу**

16 Сен болсо бул эл үчүн сыйынба, алар үчүн өтүнбө, жалынба, Менден жалынып сураба, анткени Мен сени укпайм.

17 Алар Жүйүт аймагынын шаарларында жана Иерусалимдин көчөлөрүндө эмнелерди кылып жатышканын көрбөй турасыңбы?

18 Асман аял кудайына нан жасаш үчүн, балдар отун терип, аталар от жагып, аялдар камыр жууруп жатышат, Мени капа кылыш үчүн, башка кудайларга куюлуучу курмандыгын куюп жатышат.

19 Бирок алар Мени капа кылып жатышабы? Өздөрүн маскара кылып, өздөрүн өздөрү капа кылып жатышкан жокпу? – дейт Теңир.

20 Ошондуктан Кудай-Теңир мындай дейт: "Мына, ушул жерге Менин каарым, Менин ачуум төгүлүп жатат. Адамдарга да, малдарга да, талаадагы бак-дарактарга да, жерде өскөн жемиштерге да каарым төгүлөт, күйөт, өчпөйт".

21 Ысрайылдын Себайот Кудай-Теңири мындай дейт: "Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктарыңарды башка курмандыктарыңарга кошуп, этин жегиле.

22 Анткени Мен силердин ата-бабаларыңарды Мисир жеринен алып чыккан күнү аларга бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык жана башка курмандыктар жөнүндө айткан да эмесмин, буйрук берген да эмесмин.

23 Бирок аларга мындай осуят бергем: Менин үнүмдү уккула, ошондо Мен силердин Кудайыңар болом, силер болсо Менин элим болосуңар, силерге жакшы болушу үчүн, Мен силерге буйрук кылган бардык жол менен жүргүлө.

24 Бирок алар укпай коюшту, кулактарын төшөбөй коюшту, өздөрүнүн түшүнүгү боюнча, бузулган жүрөктөрүнүн өжөрлүгү боюнча жашашты, Менден жүздөрүн буруп, артын салышты.

25 Силердин ата-бабаларыңар Мисир жеринен чыккан күндөн тартып бүгүнкү күнгө чейин Мен силерге Өзүмдүн бүт кулдарымды – пайгамбарларымды жиберип турдум, аларды күн сайын таң заардан жиберип турдум.

26 Бирок алар угушкан жок, Мага кулак салышкан жок, тескерисинче, өз моюндарын толгоп, ата-бабаларынан да жаман иштерди кылышты".

27 Сен аларга бул сөздөрдүн баарын айтканыңда, алар сени укпай коюшат, сен аларды чакырганыңда, алар сага жооп беришпейт.

28 Ошондо аларга мындай де: "Өз Кудай-Теңиринин үнүн укпаган, акыл-насаатты кабыл албаган эл ушул! Аларда чындык жок, алардын оозунан чындык алынды".

**Ином уулдарынын өрөөнүндөгү күнөөлүү иштер жөнүндө**

29 Өз чачыңды кыркып ыргыт, тоо үстүндө ыйла, анткени Теңирдин каарын өзүнө төктүргөн бул элди Теңир четке кагып, таштап салды.

30 Анткени Жүйүт уулдары Менин көз алдымда кыянаттык кылып жатышат, – дейт Теңир, – Менин ысымым менен аталган үйдү булгаш үчүн, өздөрүнүн жийиркеничтүү нерселерин коюшту.

31 Уулдары менен кыздарын отко өрттөш үчүн, Ином уулдарынын өрөөнүнө Топет бийиктиктерин орнотушту. Мен аларга мындай кылууну буйруган эмесмин, ал Менин оюма да келген эмес.

32 Ошон үчүн, мына, мындан ары бул жерди Топет деп, Ином уулдарынын өрөөнү деп атабай турган күндөр келе жатат, – дейт Теңир. – Бирок ал жерди Өлтүрүү өрөөнү деп аташат, жер жетпегендиктен, Топетке өлүктөрдү көмүшөт.

33 Бул элдин өлүктөрү асмандагы куштарга, жердеги жырткыч айбандарга азык болот, аларды кубалоого эч ким чыкпайт.

34 Жүйүт аймагынын шаарлары менен Иерусалимдин көчөлөрүндө кубанычтын жана шаттыктын үнүн, күйөө менен колуктунун үнүн токтотом, анткени бул жер ээн чөлгө айланат.

**8-БӨЛҮМ**

1 Ошол учурда, – дейт Теңир, – Жүйүт падышаларынын сөөктөрүн, анын төрөлөрүнүн, ыйык кызмат кылуучулардын сөөктөрүн, пайгамбарлардын, Иерусалим тургундарынын сөөктөрүн мүрзөлөрүнөн алып чыгып, ыргытып жиберишет.

2 Аларды өздөрү жакшы көргөн, кызмат кылган, артынан жүргөн, издеген, таазим кылган күн алдында, ай алдында, асман кошуундарынын алдында туш-тушка ыргытышат. Аларды жыйнап да алышпайт, жерге да көмүшпөйт: алар жер үстүндөгү кыктай болушат.

3 Бул жаман уруунун ичинен тирүү калгандардын баары Мен аларды кууп жиберген жерлерде өмүрдөн өлүмдү артык көрүп калышат, – дейт Себайот Теңир.

**Күнөөнүн жазасы жөнүндө**

4 Аларга мындай деп айт: Теңир мындай дейт: “Жыгылгандар турбайт бекен? Жолунан адашкандар кайрылып келбейт бекен?

5 Эмне үчүн бул эл, Иерусалим, ишенимсиздигинен кайтпай жатат? Алар жалганчылыкка жабышып, кайрылып келгиси келбей жатышат.

6 Мен кулак салып угуп турдум: алар акыйкаттыкты айтышпайт, эч кимиси жаман иш кылганына өкүнбөйт, эч кимиси: "Мен эмне кылдым?" – дебейт. Майданга атырылып кирген аттай болуп, ар кимиси өз жолуна бурулат.

7 Асман астында илегилек да өзүнүн белгилүү мезгилдерин билет, бактек да, карлыгач да, каркыра да кайсы мезгилде учуп келерин билет, бирок Менин элим Теңирдин мыйзамдарын билбейт.

8 Силер: "Биз акылдуубуз, бизде Теңирдин мыйзамы бар", – деп, кантип айтып жатасыңар? Ал эми китеп көчүргүчтөрдүн колундагы жалган калем аны да жалганга айландырып жатат.

9 Акылмандар маскара болушту, алар кыйратылып, колго түшүштү, мына, алар Теңирдин сөзүн четке кагып салышты. Андай болсо алардын акылмандыгы эмнеде?

10 Ошол үчүн алардын аялдарын башкаларга берем, айдоо жерлерин бөлөк жер ээлерине берем, анткени алардын бардыгы, кичинесинен чоңуна чейин ач көздүүлүккө берилип кетишти. Бардыгы, пайгамбардан ыйык кызмат кылуучусуна чейин жалган иштерди кылышат.

11 Менин элимдин кызынын жараатын "Тынчтык, тынчтык!" – деп, жеңил ойлуулук менен дарылап жатышат, бирок тынчтык жок.

12 Алар жийиркеничтүү иштерди кылгандан уялышабы? Жок, такыр уялышпайт, кызарып да коюшпайт. Ошон үчүн алар кулагандар менен кулашат, жазалаган күнү алар кулашат, – дейт Теңир.

13 Аларды акырына чейин терип алам, – дейт Теңир, – жүзүм сабагында бир да жүзүм калбайт, анжыр дарагында бир да анжыр калбайт, жалбырак да күбүлүп түшөт, Мен аларга эмне берсем, ошонун баары алынат”».

14 Биз эмнеге отурабыз? Жыйналгыла, чептүү шаарларга баралы, ошол жерде өлөлү, анткени Кудай-Теңирибиз бизди өлүмгө белгилеп койду. Теңирдин алдында күнөөгө батканыбыз үчүн, Ал бизге өт кошулган суу ичирип жатат.

15 Тынчтык күтүп жатабыз, бирок эч жакшылык жок, айыгуу мезгилин күтүп жатабыз, бирок, мына, алдыбызда үрөй учурган коркунучтар.

16 Дандан анын аттарынын кошкуругу угулуп жатат, анын айгырларынын катуу азынаганынан бүт жер титиреп жатат. Алар келип, жерди жана анын үстүндөгүнүн баарын, шаарды жана анда жашагандардын бардыгын жок кылат.

17 «Анткени мына, Мен силерге жыландарды, уулуу жыландарды, каптатам, аларды эч ким арбап токтото албайт, алар силерди чагат», – дейт Теңир.

18 Мен өз кайгымдан качан сооруном? Менин жүрөгүм кыйналып турат.

19 «Мына, алыскы өлкөдөн Өз элимдин кызынын ыйын угуп жатам: “Сиондо Теңир жок бекен? Ал жерде анын Падышасы жок бекен?” Эмне үчүн алар өздөрүнүн эч нерсеге жарабаган, бөтөн жерликтердин буркандары менен Мени каардантышты?»

20 «Оруп-жыюу маалы өттү, жайкы убак бүттү, бирок биз куткарылган жокпуз».

21 Мен өз элимдин кызынын кайгы тартып жатканына кайгырып жатам, капалуу жүрөм, мени үрөй учурган коркунуч ээлеп алды.

22 Гилатта бальзам жок бекен? Ал жерде дарыгер жок бекен? Эмне үчүн менин элимдин кызы айыкпай жатат?

**9-БӨЛҮМ**

1 О, менин башыма сууну, көзүмө жаштын булагын ким берет? Мен өз элимдин өлтүрүлгөн кызын жоктоп, күнү-түнү ыйлар элем.

2 О, чөлдө мага кимдир бирөө жолоочулар үчүн баш калкалай турган жай берсе кана! Анда мен өз элимди таштап, алардан кетер элем, анткени алардын баары – бузулган адамдар, ишенимсиздердин тобу.

3 «Жалган айтуу үчүн тилдерин жаадай тартышат, жерде жалган иштери менен күч алып бара жатышат, анткени бир жамандыктан экинчи жамандыкка өтүшөт, Мени билишпейт», – дейт Теңир.

4 Ар бириңер өз досуңардан сактангыла, бир туугандарыңардын ичинен эч кимисине ишенбегиле, анткени бир тууган бир тууганына тоскоолдук коёт, ар бир дос ушак таратат.

5 Ар ким өз досун алдайт, чындыкты айтпайт. Өз тилдерин калп айтууга үйрөтүшөт, чарчаганча анткорлонушат.

6 «Сен эки жүздүүлүктүн арасында жашап жатасың. Эки жүздүүлүктөн улам алар Мени билгенден баш тартышат», – дейт Теңир.

7 Ошондуктан Себайот Теңир мындай деп жатат: «Мына, Мен аларды эритем, сынайм, анткени Мен Өз элимдин кызына башка эмне кылам?

8 Алардын тили – өлтүрө турган жебе, эки жүздүү сүйлөйт. Оздору менен жакынына досторчо сүйлөшөт, ал эми жүрөктөрүндө ага кишен даярдашат.

9 Кантип Мен аларды ушул үчүн жазалабай коёюн? – дейт Теңир. – Менин жаным ушундай элден кантип өч албасын?

10 Тоолор үчүн ыйлайм, өкүрөм, талаадагы жайыттар үчүн боздоп ыйлайм, анткени алар өрттөнүп кетти, ал жерден эч ким өтпөйт, койлордун маараганы угулбайт: асмандагы канаттуулардан тартып жердеги жаныбарларга чейин – бардыгы туш-тушка чачырап кетишти.

11 Иерусалимди таштын үймөгү, чөөлөрдүн ийини кылам, Жүйүт аймагынын шаарларын эч ким жашабаган чөл кылам».

12 Муну түшүнгөн даанышман бар бекен? Теңир сүйлөшө турган адам барбы? Ал өлкө эмне үчүн кыйраганын, эмне үчүн чөлгө окшоп ээн калганын, ошон үчүн ал аркылуу эч ким өтпөй калганын түшүндүрүп берсин.

13 Теңир мындай деди: «Алар Менин алар үчүн чыгарган мыйзамымды таштап коюшту, Менин үнүмдү угушкан жок, аны менен жүрүшкөн жок.

14 Тескерисинче, жүрөктөрүнүн өжөрлүгү боюнча жүрүштү жана ата-бабалары үйрөткөндөй, Баалдын артынан жүрүштү.

15 Ошон үчүн Ысрайылдын Себайот Кудай-Теңири мындай дейт: Мына, Мен аларга, бул элге, эрмен жедирем, өт кошулган суу ичирем.

16 Аларды өздөрү да, ата-бабалары да билбеген элдердин арасына чачыратып жиберем, аларды жок кылмайынча, артынан кылыч жиберем».

**Жүрөгү сүннөт кылынбагандарга берилген эскертүү**

17 Себайот Теңир мындай дейт: «Ойлонгула, кошокчуларды чакыргыла, алар келишсин. Бул ишке мыкты кошокчуларды чакырткыла, алар келишсин».

18 Алар тез келишсин, биз тууралуу ыйлашсын, биздин көздөрүбүздөн жаш куюлсун, кирпиктерибизден суу аксын.

19 Анткени Сиондон ыйдын үнү угулуп жатат: «Биз кандай тоноллдук! Биз ырайымсыз маскара болдук, анткени биз жерибизди таштап кетип жатабыз, анткени биздин турак-жайларыбызды кыйратышты».

20 Ошондуктан, аялдар, Теңирдин сөзүн уккула, кулагыңар Анын оозунан чыккан сөздөрдү уксун. Кыздарыңарды ыйлаганга үйрөткүлө, бири-бириңерге кошок үйрөткүлө.

21 Анткени өлүм балдарыбызды көчөдөн, уландарыбызды аянттан кырыш үчүн, терезелерибизден кирип келди, ак сарайларыбызга кирип келди.

22 «Аларга айт: Теңир мындай дейт: "Адамдардын өлүктөрү талаадагы кыктай, орокчунун артындагы боодой кулайт, аларды жыйнаганга эч ким чыкпайт.

23 Теңир мындай дейт: Акылман акылына мактанбасын, күчтүү күчүнө мактанбасын, бай байлыгына мактанбасын.

24 Бирок мактана турган адам Менин жер үстүндө ырайымдуулукту, акыйкаттыкты жана чындыкты жараткан Теңир экенимди түшүнгөнү менен, билгени менен мактансын. Анткени Мага ушул гана жагат, – дейт Теңир.

25 Мына, сүннөткө отургузулгандардын жана сүннөткө отургузулбагандардын бардыгын:

26 Мисир менен Жүйүт аймагын, Эдом менен Амондун уулдарын, Маапты жана чекесиндеги чачын кырктырып жүргөндөрдүн бардыгын, чөлдө жашагандарды жазалай турган күндөр келе жатат, – дейт Теңир. – Анткени бул элдердин бардыгы – сүннөткө отургузулбаган элдер, ал эми бүтүндөй Ысрайылдын жүрөгү сүннөтсүз"».

**10-БӨЛҮМ**

**Буркандарга табынуу жана Кудайга чын жүрөктөн табынуу жөнүндө**

1 Ысрайыл, Теңирдин силерге айткан сөзүнө кулак салгыла.

2 Теңир мындай дейт: «Бутпарастардын жолдорун үйрөнбөгүлө, бутпарастар корккон асман белгилеринен коркпогула.

3 Анткени элдердин мыйзамдары – курулай убаракерчилик: токойдон дарак кыйып алып, усталары балта менен иштеп чыгып,

4 алтын-күмүш менен каптап, кыймылдабашы үчүн, балка менен мык кагып бекемдешет.

5 Алар жонулган мамыдай, сүйлөшпөйт. Аларды көтөрүп жүрүшөт, анткени алар баса алышпайт. Алардан коркпогула, анткени алар жамандык кыла алышпайт, ошондой эле жакшылык да кыла алышпайт».

6 Сага теңдеш эч ким жок, Теңир! Сен улуусуң, Сенин ысымың кудуреттүүлүгү менен улуу.

7 Сенден ким коркпосун, элдердин Падышасы? Анткени бул бир гана Сага таандык! Анткени бардык элдердин акылмандарынын арасында жана алардын бардык падышачылыктарында Сага теңдеш эч ким жок!

8 Алардын бири калбай түшүнүгү жок жана акылсыз. Алардын окуусунун маанисиздигин бул жыгач күбөлөндүрүп турат.

9 Жалпайтылган күмүштөрү Таршыштан, алтындары Упаздан ташылып келинген, булар уста менен эритүүчүнүн колунан чыккан. Алардын үстүндөгү кийими жакуттан жана ачык кызыл кездемеден. Мунун баары – чеберлердин иши.

10 Ал эми Кудай-Теңир – чындык, Ал – тирүү Кудай жана түбөлүк Падыша. Анын каарынан жер титирейт. Анын каарына элдер чыдай алышпайт.

11 Аларга: «Асман менен жерди жаратпаган кудайлар жер үстүнөн жана асман астынан жок болушат», – дегиле.

**Кудайды даңктоо ыры**

12 Ал жерди Өз кудурети менен жаратты, ааламды Өз даанышмандыгы менен орнотту, асманды Өз акылы менен жайып койду.

13 Анын үнүнөн асмандагы суулар күркүрөйт, Ал жер кыйырынан булуттарды көтөрөт. Жамгыр үчүн чагылган жаратат, Өзүнүн сактагычтарынан шамал чыгарат.

14 Ар бир адам өз билими менен акылсыздык кылып жатат, ар бир эритүүчү өз бурканы менен өзүн маскара кылып жатат, анткени алардын эритип чыгарган буюму – жалган нерсе, анда рух жок.

15 Бул – курулай убаракерчилик, адашуунун иши. Жазалай турган мезгил келгенде, алар жок болушат.

16 Жакыптын үлүшү алар сыяктуу эмес, анткени анын Кудайы – бардыгынын Жаратуучусу, Ысрайыл – Анын мурасынын таягы, Анын ысымы – Себайот Теңир.

**Туткундалып кетүү жөнүндө**

17 Курчоодо отурган Сион кызы, өз буюмдарыңды жер үстүнөн чогултуп ал.

18 Анткени Теңир мындай дейт: «Мына, бул жердин тургундарын Мен бул жолу ыргытып жиберем, туткундап кетиши үчүн, аларды тар жерге айдап киргизем».

19 Мага кайгы! Жараатым мени кыйнап жатат, бирок мен мындай деп ойлодум: «Чынында, бул менин кайгым, мен аны көтөрөм.

20 Менин чатырым ээн калды, менин бүт жиптерим үзүлдү. Балдарым менден кетип калышты, алар жок: менин чатырымды кайра тургуза турган, жабууларымды иле турган эч ким жок.

21 Анткени койчулар акылсыз болуп калышты, Теңирди издешкен жок, ошондуктан алар акылсыз иш кылышты, алардын койлорунун баары туш-тушка тарап кетти».

22 Уккула! Мына, кабар угулуп жатат, Жүйүт аймагынын шаарларын эрме чөлгө, чөөлөр жашай турган жерге айлантыш үчүн, түндүк тараптагы өлкөдөн чоң ызы-чуу келе жатат.

23 Теңир, мен адамдын жолу өзүнүн эркинде эмес экенин, өзүнүн бутуна багыт берүү бара жаткандын бийлигинде эмес экенин билем.

24 Теңир, мени жазала, бирок акыйкаттык менен жазала, мени таптакыр жок кылып койбош үчүн, каарданып турганыңда жазалаба.

25 Өз каарыңды Сени билбеген элдерге, Сенин ысымыңды чакырбаган урууларга төк. Анткени алар Жакыпты жеп коюшту, аны жеп коюшту, жок кылышты, анын турак-жайын ээн калтырышты.

**11-БӨЛҮМ**

**Бузулган келишим жөнүндө сөз**

1 Жеремияга Теңирден болгон сөз:

2 «Мына бул келишимдин сөздөрүнө кулак салгыла, Жүйүттүн эркектерине жана Иерусалимдин тургундарына айткыла.

3 Аларга мындай деп айт: Теңир, Ысрайылдын Кудайы, мындай дейт: “Бул келишимдин сөздөрүн укпай койгон адамга каргыш тийсин.

4 Ал келишимди Мен силердин ата-бабаларыңарды Мисир жеринен, темир мештен алып чыкканда, аларга: "Менин үнүмдү уккула жана Мен силерге эмнени буйрусам, ошонун баарын аткаргыла, ошондо силер Менин элим болосуңар, Мен силердин Кудайыңар болом", – деп бергем.

5 Бул азыр ишке ашып отургандай, бал менен сүт аккан жерди берем деп, силердин ата-бабаларыңарга берген Өзүмдүн антымды аткарыш үчүн, мен ушундай кылдым”». Ошондо мен жооп кылып: «Оомийин, Теңир!» – дедим.

6 Анан Теңир мага мындай деди: «Бул сөздөрдүн баарын Жүйүттүн шаарлары менен Иерусалимдин көчөлөрүндө жарыя кылып айт: “Бул келишимдин сөздөрүнө кулак салгыла жана аларды аткаргыла.

7 Анткени Мен силердин ата-бабаларыңарды Мисир жеринен алып чыккан күндөн бүгүнкү күнгө чейин, дайыма эскертип келгем. Аларга таң заардан: "Менин үнүмдү уккула!" – деп эскертип келгем.

8 Бирок алар угушкан жок, кулак салышкан жок, тескерисинче, ар кимиси өзүнүн жаман жүрөгүнүн өжөрлүгү менен жүрдү. Ошондуктан Мен ушул келишимде айтылгандардын баарын алардын башына түшүрдүм. Мен буларды аткаргыла деп буйругам, бирок алар аткарышкан жок”».

9 Теңир мага мындай деди: «Жүйүттүн эркектери менен Иерусалимдин тургундары уюшуп чыккынчылык кылганы жатышат.

10 Алар кайрадан Менин сөздөрүмдү угуудан баш тарткан ата-бабаларынын мыйзамсыздыктарына бурулуп кетишти, башка кудайларга кызмат кылып, ошолордун артынан кетишти. Ысрайыл менен Жүйүт Менин алардын ата-бабалары менен түзгөн келишимимди бузушту».

11 Ошондуктан Теңир мындай дейт: «Мына, Мен аларга кайгы каптатам, алар андан кутула алышпайт. Алар Мени чакырганда, аларды укпайм.

12 Ошондо Жүйүттүн шаарлары менен Иерусалимдин тургундары барып, өздөрү жыпар жыттуу зат түтөткөн жасалма кудайларын чакырышат. Бирок ал жасалма кудайлар алардын башына кайгы түшкөндө, эч кандай жардам беришпейт.

13 Анткени, Жүйүт, сенин канча шаарың болсо, ошончо жасалма кудайың бар, Иерусалимде канча көчө болсо, өзүңөрдү уятка калтыра турган ошончо курмандык чалынуучу жайды – Баалга жыпар жыттуу зат түтөтүш үчүн курмандык чалынуучу жайды орнотуп алдыңар.

14 Сен болсо бул эл үчүн суранба, алар үчүн сыйынба, жалынба, анткени алардын башына кырсык түшүп, Мени чакырганда, Мен аларды укпайм.

15 Менин үйүмдө көп жаман иштер болуп жатканда, Менин сүйүктүүмө ал жерде эмне керек? Ыйык эттер да сага жардам бербейт, анткени сен жамандык кылып кубанып жатасың.

16 Теңир сени көгөрүп турган, жакшы жемиштери менен мактанып турган зайтун дарагы деп атады эле. Азыр болсо катуу дүрбөлөңдүн ызы-чуусунда Теңир анын тегерегине от жалындатты, анын бутактары кыйрады.

17 Сени отургузган Себайот Теңир Ысрайыл менен Жүйүттүн кыянаттыгы үчүн сенин башыңа мүшкүл түшөрүн айтты. Буга өздөрү себепкер болду, алар Баалга жыпар жыттуу зат түтөтүп Мени каардантышты».

**Жеремияны өлтүрүү үчүн уюшуу**

18 Теңир мага ачып берди, мен билем. Сен мага алардын иштерин көрсөттүң.

19 Мен болсо союуга жетеленип бара жаткан момун козудаймын, алардын мага каршы ойлоп жаткан жаман ойлорун билген эмесмин. Алар: «Анын ысымы да мындан ары эскерилбеши үчүн, анын тамагына уулуу жыгач кошуп, аны тирүүлөр жашаган жерден жок кылабыз», – дешкен.

20 Бирок, Теңир Себайот, адамдын жүрөгү менен ичин сынаган адилеттүү Сот! Өзүңдүн алардан өч алганыңды мага көрсөт, анткени мен өз ишимди Сага ишенип тапшырдым.

21 «Теңирдин атынан пайгамбарчылык кылба, болбосо биздин колубуздан өлөсүң», – деп, сени өлтүргүсү келген Анатоттун эркектери жөнүндө Теңир мындай дейт:

22 Ошондуктан Себайот Теңир мындай дейт: «Мына, Мен аларды жазалаймын: алардын жигиттери кылычтан кырылат, алардын уулдары менен кыздары ачкадан өлүшөт.

23 Алардан калдык да калбайт, анткени аларды жазалай турган жыл келгенде, Мен Анатоттун эркектеринин башына мүшкүл түшүрөм».

**12-БӨЛҮМ**

**Жеремиянын Теңирдин эркин сурашы**

1 Теңир, эгерде мен Сени менен соттошо турган болсом, Сен адилет болуп чыгасың. Ошондой болсо да мен Сени менен адилеттүүлүк тууралуу сүйлөшөм: Эмне үчүн мыйзамсыздардын жолу ийгиликтүү? Эмне үчүн ишенимсиз адамдардын баары жыргап жашашат?

2 Аларды Сен отургуздуң, алар тамыр жайып, өсүп, мөмө берип жатышат. Сен алардын оозуна жакынсың, бирок алардын жүрөгүнөн алыссың.

3 Мени болсо, Теңир, Сен билесиң, мени көрүп турасың, жүрөгүм Сага карата кандай экенин сынап турасың. Аларды койдой союуга бөлүп, өлө турган күнүнө даярда.

4 Жер качанкыга чейин кайгыра берет? Талаадагы чөптөр качанкыга чейин куурай берет? Анын тургундарынын мыйзамсыздыгынан жаныбарлар менен канаттуулар кырылып жатат, анткени алар: «Ал биздин эмне болорубузду көрбөйт», – дешет.

5 «Сен жөө жүргөндөр менен чуркаганда, алар сени чарчаткан болсо, анан кантип сен аттар менен жарышка чыгасың? Эгерде сен тынч өлкөдө коопсуз жашаган болсоң, анда Иордан дарыясы ташыганда эмне кыласың?

6 Анткени сенин бир туугандарың да, атаңдын үйү да, алар да сага ишенимсиздик кылып жатышат, алар сенин артыңдан катуу кыйкырып жатышат. Сага жакшы сүйлөшсө да, аларга ишенбегин.

**Теңирдин Өз эли үчүн кайгырышы**

7 Мен Өз үйүмдү таштадым, Өз энчимди таштадым. Менин жанымдын эң жакшы көргөнүн душмандарынын колуна бердим.

8 Өз энчим Мен үчүн токойдогу арстандай болуп калды. Ал Мага үнүн көтөрдү, ошон үчүн Мен аны жек көрүп калдым.

9 Өз энчим Мен үчүн башка жырткыч куштар ар тараптан кол салган кооз куштай болуп калды. Келгиле, бүт талаа жырткычтары, чогулгула, аны жеш үчүн келгиле.

10 Көп койчулар Менин жүзүмдүгүмдү бузуп салышты, буттары менен Менин жеримди тебелеп салышты. Менин жакшы көргөн жеримди ээн талаага айландырышты,

11 аны чөлгө айландырышты. Ал ээн калып, Менин алдымда ыйлап жатат. Бардык жер ээн калды, анткени бир да адам муну жүрөгүнө кабыл алган жок».

12 Чөлдөгү тоолордун бардыгына кыйратуучулар келишти, анткени Теңирдин кылычы жердин бир кыйырынан экинчи кыйырына чейин кыйратып жатат: эч бир тирүү жанга тынчтык жок.

13 Алар буудай айдашты, бирок тикенек оруп алышты; кыйналышты, бирок эч кандай пайда табышкан жок. Өзүңөрдүн ишиңердин жемишинен, Теңирдин жалындаган каарынан уялгыла.

**Теңирдин Ысрайылдын кошуналарына убада бериши**

14 Теңир мындай дейт: «Өз элим Ысрайылга мураска берген энчиге кол салган бардык каардуу кошуналарымды Мен өз жеринен бүркүп чыгарам, Жүйүттү да алардын арасынан бүркүп чыгарам.

15 Бирок Мен аларды бүркүп чыгаргандан кийин, аларга кайрадан ырайым кылып, ар бирин өз энчисине, ар бирин өз өлкөсүнө кайра алып келем.

16 Эгерде алар Менин элиме Баалдын ысымы менен убада бергенди үйрөткөндөй, Менин ысымым менен “Теңир тирүү!” деп убада бериш үчүн, Менин элимдин жолдорун үйрөнүшсө, анда Менин элимдин арасына киришет.

17 Эгерде тил алышпаса, анда Мен ал элди түп-тамыры менен жок кылам, таптакыр тукум курут кылам», – дейт Теңир.

**13-БӨЛҮМ**

**Абайлатуу: жараксыз кур**

1 Теңир мага: «Бар, өзүңө зыгыр кур сатып ал, аны менен белиңди курча, бирок аны сууга салба», – деди.

2 Ошондо мен Теңирдин сөзү боюнча кур сатып алып, аны белиме курчадым.

3 Мага Теңирден экинчи жолу мындай сөз айтылды:

4 «Сен сатып алып, белиңе курчаган курду ал да, тур, Эфратка бар, аны ошол жерге, асканын жаракасына катып кой».

5 Теңир мага буйругандай, мен бардым да, аны Эфратка катып койдум.

6 Көп күн өткөндөн кийин, Теңир мага: «Тур, Эфратка бар, Мен сага катып кой деген жерден курду ал», – деди.

7 Мен Эфратка келип, курду катып койгон жерден казып алдым. Кур бузулуп, эч нерсеге жараксыз болуп калыптыр.

8 Ошондо мага Теңирден сөз болду:

9 Теңир мындай дейт: «Жүйүттүн текебердигин жана Иерусалимдин ыгы жок текебердигин ушинтип кыйратам.

10 Менин сөздөрүмдү уккусу келбеген, өзүнүн жүрөгүнүн өжөрлүгү менен жашаган, башка кудайларга кызмат кылып, аларга таазим этиш үчүн, алардын артынан жүргөн ушул болбогон эл эч нерсеге жарабай калган ушул кур сыяктуу болот.

11 Анткени кур адамдын белине жакын жаткандай, Мен Ысрайыл менен Жүйүттү Өзүмө жакындаттым, – дейт Теңир, – алар Менин элим болсун дедим, алар Менин даңкым, мактанычым, көркүм болсун дедим, бирок алар тил алышкан жок.

**Абайлатуу: шарап куюлуучу чанач**

12 Ошондуктан аларга мына бул сөздү айт: Ысрайылдын Кудай-Теңири мындай дейт: "Шарап куюлуучу ар бир чанач шарапка толуп жатат". Алар сага: "Биз эмне, шарап куюлуучу ар бир чанач шарапка толорун билбейт бекенбиз?" – дешет.

13 Сен болсо аларга мындай де: Теңир мындай дейт: "Мына, Мен бул жердин бардык тургундарын, Дөөттүн тагында отурган падышаларды, ыйык кызмат кылуучулар менен пайгамбарларды, Иерусалимдин бардык тургундарын мас болгуча шарапка тойгузам.

14 Аларды бири-бирине уруп кыйратам, аталарын да, уулдарын да кыйратам, – дейт Теңир. Аларды аябайм, аларга ырайым кылбайм, аларды кырганыма өкүнбөйм"».

**Текебер болуудан абайлатуу**

15 Кулак салгыла, уккула. Текебер болбогула, анткени Теңир айтып жатат.

16 Теңир караңгылык каптата электе, караңгылыктын тоосунда бутуңар мүдүрүлө электе, Кудай-Теңириңерди даңктагыла. Ошондо силер жарыкты күтөсүңөр, бирок Теңир аны өлүм көлөкөсүнө айлантып, караңгылык кылат.

17 Эгерде силер муну укпай турган болсоңор, анда менин жаным жашыруун жерлерде силердин текебердигиңер үчүн ыйлайт, катуу ыйлайт, көздөрүмдөн жаш төгүлөт, анткени Теңир үйүрү туткундалып кетет.

18 «Падыша менен ханышага мындай деп айт: "Моюн сунгула, төмөнүрөөк отургула, анткени силердин башыңардан даңкыңардын таажысы кулады".

19 Түштүктөгү шаарлар жабылуу, аларды ача турган эч ким жок. Жүйүт бүт бойдон туткунга кетип жатат, бүт бойдон туткунга кетти.

20 Башыңарды көтөрүп, түндүктөн келе жаткандарды карагыла: сага берилген үйүр кайда, сенин сонун үйүрүң кайда?

21 Сион кызы, Теңир сени жазалаганда, сен эмне дейсиң? Өзүңө үстөмдүк кылууга аларды өзүң үйрөтпөдүң беле. Төрөп жаткан аялдай кыйналып жаткан жоксуңбу?

22 Эгерде сен өз жүрөгүңдө: "Эмне үчүн бул менин башыма түштү?" – дей турган болсоң, бул сенин көп сандаган мыйзамсыз иштериң үчүн болду: этегиң ачылды, согончогуң жылаңачталды.

23 Эфиопиялык адам өз терисин өзгөртө алабы? Илбирс өзүнүн чаар темгилин өзгөртө алабы? Ошондой эле жамандык кылып көнгөн силер, жакшылык кыла аласыңарбы?

24 Ошондуктан аларды чөл шамалы учурган топондой кылып учуруп жиберем.

25 Мына, сенин энчиң, сага Менден ченелген үлүш ушул, – дейт Теңир, – анткени сен Мени унутуп, жалганчылыкка таяндың.

26 Ошондуктан сенин абийириң ачылышы үчүн, этегиң бетиңе көтөрүлөт.

27 Мен сенин бузуктугуңду, сенин токтолбогон кумардануудду, тойбостугуңду, талаадагы адырлардын үстүндөгү жийиркеничтүү иштериңди көрдүм. Кайгы сага, Иерусалим! Сен качанкыга чейин тазаланбайсың?»

**14-БӨЛҮМ**

**Кургакчылык болорун алдын ала айтуу**

1 Кургакчылык жөнүндө Теңирден Жеремияга болгон сөз:

2 «Жүйүт ыйлап жатат, анын дарбазалары кыйрады, кара кийип отурушат, Иерусалимде өкүрүк чыгып жатат.

3 Төрөлөр кызматчыларын сууга жиберип жатышат. Алар кудуктарга келип, суу таппай жатышат, бош идиштери менен кайтып жатышат. Уят болгон, шылдың болгон алар баштарын жаап алышты.

4 Жерге жамгыр жаабай, кыртыш жарылгандыктан, дыйкандар да уят болуп, баштарын жаап алышты.

5 Атүгүл, элик да талаага тууп, чаарчыктарын таштап кетип жатат, анткени чөп жок.

6 Жапайы эшектер да бийик жерлерге чыгып, чөө сыяктуу аба жутуп жатышат. Алардын көздөрү тунарып калды, анткени чөп жок».

7 Өзүбүздүн мыйзамсыздыгыбыз өзүбүзгө каршы күбөлөндүрүп жатканына карабастан, Сен, Теңир, бизге Өзүңдүн ысымың үчүн жаса. Биз өтө ишенимсиз болдук, биз Сенин алдыңда күнөөгө баттык.

8 Ысрайылдын үмүтү, башына кыйынчылык түшкөндө анын Куткаруучусу! Эмне үчүн Сен бул жерде чоочундайсың, эмне үчүн Сен түнөп кетиш үчүн кирген жолоочудайсың?

9 Эмне үчүн Сен таң калган кишидейсиң, куткара албаган күчтүүдөйсүң? Ошондой болсо да Сен, Теңир, биздин арабыздасың, Сенин ысымың менен аталган бизди таштаба.

10 Теңир бул элге мындай дейт: «Алар тентигенди жакшы көргөндүгү үчүн, буттарын кармабагандыгы үчүн, Теңир аларга ырайым кылбайт, Ал азыр алардын мыйзамсыздыгын эстеп, аларды күнөөлөрү үчүн жазалап жатат».

11 Теңир мага мындай деди: «Сен бул элге жакшы болсун деп сыйынба.

12 Эгерде алар орозо кармашса, Мен алардын ыйын укпайм. Эгерде алар бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык чалышса, тартууларды алып келишсе, Мен аларды кабыл албайм. Бирок Мен аларды кылыч менен, ачарчылык менен, жугуштуу оору менен кырам».

13 Ошондо мен мындай деп айттым: «Кудай-Теңир! Мына, аларга пайгамбарлар мындай деп жатышат: “Кылычты көрбөйсүңөр, силерде ачарчылык болбойт, бирок мен силерге ушул жерде туруктуу тынчтык берем”».

14 Анан Теңир мага мындай деди: «Пайгамбарлар Менин ысымым менен жалган пайгамбарчылык кылып жатышат. Аларды Мен жиберген эмесмин, аларга Мен буйрук берген эмесмин, аларга Мен сүйлөгөн эмесмин. Алар силерге жалган аяндарды, төлгөлөрдү, жок нерселерди, өз жүрөктөрүнүн кыялдарын айтып жатышат».

15 Ошондуктан пайгамбарлар жөнүндө Теңир мындай дейт: «Алар Менин ысымым менен пайгамбарчылык кылып жатышат, бирок Мен аларды жиберген эмесмин. Алар: “Бул жерде кылыч да, ачарчылык да болбойт”, – деп жатышат. Ошондуктан бул пайгамбарлар кылычтан жана ачарчылыктан кырылат.

16 Алар кайсы элге пайгамбарчылык кылса, ошол эл да кылычтан жана ачарчылыктан кырылып, Иерусалимдин көчөлөрүнө ташталат, аларды көмө турган эч ким болбойт, өздөрү да, аялдары да, уулдары да, кыздары да кырылат. Алардын жамандыгын Мен өз баштарына салам.

17 Аларга мына бул сөздү айт: Менин көз жашым күнү-түнү төгүлсүн, токтобосун, анткени менин элимдин кызы, бийкеч чоң кыйроо менен, катуу сокку менен кыйрады.

18 Талаага чыксам, кылычтан кырылгандар жатат; шаарга кирсем, ачкачылыктан жабыркагандар жатат. Ал турсун, пайгамбар да, ыйык кызмат кылуучу да чоочун жерде жүрөт».

**Элдин Теңирге жалынышы**

19 Чын эле, Сен Жүйүттөн биротоло баш тарттың беле? Чын эле, Сага Сион таптакыр жек көрүнүп калдыбы? Эмне үчүн Сен бизди айыккыс кылып, ушунчалык кырдың? Биз тынчтыкты күтүп жатабыз, бирок эч кандай жакшы нерсе жок. Биз сакая турган мезгилди күтүп жатабыз, бирок мына, коркунуч келди.

20 Теңир, өзүбүздүн мыйзамсыздыгыбызды, ата-бабаларыбыздын күнөөсүн моюнга алып жатабыз, анткени биз Сенин алдыңда күнөөгө баттык.

21 Бизди Өзүңдүн ысымың үчүн четке какпа. Өзүңдүн даңкыңдын тагын кемсинтпе. Эсте, биз менен түзгөн Өзүңдүн келишимиңди бузба.

22 Бутпарастардын маанисиз кудайларынын арасында жамгыр жарата турганы барбы? Же болбосо асман өзүнөн өзү эле нөшөрлөп жамгыр төгө алабы? Биздин Кудай-Теңирибиз Сенсиң, ошондуктан биз Сенден үмүттөнөбүз, анткени мунун баарын Сен жаратып жатасың.

**15-БӨЛҮМ**

**Жүйүттөрдүн жазаланышы**

1 Теңир мага мындай деди: «Менин алдыма Муса менен Шемуел келсе да, Менин жаным бул эл менен болбойт. Буларды Менин алдыман кууп жибер, алар кетишсин.

2 Эгерде алар сага: “Биз кайда барабыз?” – дешсе, анда аларга айт: Теңир мындай дейт: “Өлө турган адам өлсүн, кылычтан өлө турган кылычтан өлсүн, ачкачылыкка дуушар боло турган адам ачкачылыкка дуушар болсун, туткунга кете турган адам туткунга кетсин”.

3 Теңир мындай дейт: Мен аларга төрт түрдүү жаза жиберем. Өлтүрүш үчүн кылычты, тытыш үчүн дөбөттөрдү, жеш үчүн, кырыш үчүн асман канаттууларын жана талаа жырткычтарын жиберем.

4 Жүйүт падышасы, Хиския уулу Менашенин Иерусалимде кылган иштери үчүн, Мен аларды бүт падышачылыктардын үрөйүн учурган коркунучка айлантам.

5 Анткени сени ким аяйт, Иерусалим? Ким сага боор ооруйт? Сенин аман-эсендигиңди сураш үчүн, сеникине ким кирет?

6 Сен Мени таштап койдуң, – дейт Теңир, – артка кеттиң. Ошондуктан Мен сага колумду сунуп, сени жок кылам: Мен ырайым кылгандан чарчадым.

7 Мен аларды сапыргыч менен жердин дарбазасынан нары сапырып жатам. Аларды балдарынан ажыратып жатам, Өз элимди кырып жатам, бирок алар өз жолдорунан бурулбай жатышат.

8 Мен алардын жесирлерин деңиз кумунан көп кылам. Энеге жана анын уулдарына чак түштө кыйратуучуну жөнөтөм. Күтүлбөгөн жерден алар дүрбөлөңгө түшүп, үрөйлөрү учат.

9 Жетини төрөгөн аял алсырап жатып жан берди. Анын күнү күндүз эле баткан, ал уятка калган, маскара болгон. Анан алардын калдыгын өздөрүнүн душмандарынын көз алдында кылычка салып берем, – дейт Теңир».

**Жеремиянын арызданышы жана Теңирдин жообу**

10 Эне, сен мени талашып-тартышкан, бүт жер жүзү менен чатакташкан адам кылып төрөгөнүң үчүн, мага кайгы! Мен эч кимге үстөккө берген эмесмин, мага да эч ким үстөккө берген эмес, бирок бардыгы мени каргап жатышат.

11 Теңир мындай деди: «Сенин акыркы күндөрүң жакшы болот, башыңа кыйынчылык түшкөн убакта, кайгы учурунда Мен душманыңды сага жакшы мамиле кылууга мажбур кылам.

12 Темир түндүк темирин жана жезди талкалай алабы?

13 Сенин мал-мүлкүңдү жана байлыктарыңды талатып-тонотом. Бул өзүңдүн бардык жерлериңдеги бардык күнөөлөрүң үчүн болот.

14 Сени душмандарың менен кошо өзүң билбеген жерге жөнөтөм, анткени Менин каарымдын оту тутанды, ал силерге каршы жалындайт».

15 Оо Теңир! Сен баарын билесиң. Мени эстеп, мага кел, мен үчүн куугунчуларымдан өч ал. Мени өлтүрбө, анткени Сен өтө чыдамдуусуң. Сен билесиң, мен Сен үчүн кордук көрүп жатам.

16 Мен Сенин сөздөрүңө кулак салып, аларды жутуп алдым. Сенин сөзүң мен үчүн кубаныч, менин жүрөгүмө шаттык болуп калды, анткени, Себайот Кудай-Теңир, мен Сенин ысымың менен аталам.

17 Мен күлгөндөрдүн арасында отурган жокмун, кубанган жокмун. Мен Сенин оор колуңдун астында жалгыз отурдум, анткени Сен мени ачуу сезимге толтурдуң.

18 Эмне үчүн менин оорум айыкпас оору? Эмне үчүн менин жараатым оор, дарылоого мүмкүн эмес? Чын эле, Сен мен үчүн алдамчы агын суу сыяктуу, ишенимсиз суу сыяктуу болуп каласыңбы?

19 Буга Теңир мындай деп айтты: «Эгерде сен кайрылып келсең, Мен сени кабыл алам, Менин алдымда турасың. Эгерде сен жаман сөздөн жакшы сөздү ажырата билсең, анда Менин оозумдай болосуң. Алар сага өздөрү кайрылышат, сен аларга кайрылбайсың.

20 Ошондо сени бул эл үчүн бекем жез дубал кылам. Алар сага каршы күрөшүшөт, бирок сени жеңе алышпайт, анткени сени сакташ үчүн, куткарыш үчүн, Мен сени мененмин, – дейт Теңир.

21 Сени каардуулардын колунан сактайм, сени эзүүчүлөрдүн колунан куткарам».

**16-БӨЛҮМ**

**Жеремиянын жашоосу тууралуу**

1 Мага Теңирден сөз болду:

2 «Сен аял алба, бул жерде сенин уулдарың да, кыздарың да болбосун».

3 Анткени бул жерде төрөлүп жаткан уулдар жана кыздар тууралуу, аларды төрөп жаткан энелер тууралуу, аларды төрөткөн аталар тууралуу Теңир мындай дейт:

4 «Алар оор өлүм менен өлүшөт, аларды жоктоп ыйлашпайт, алар көмүлбөйт. Алар жер үстүндө кык болушат. Алар кылычтан жана ачкачылыктан кырылышат, алардын өлүктөрү асман канаттууларына, жердеги жырткычтарга азык болот».

5 Анткени Теңир мындай дейт: «Кайгы тарткандардын үйүнө кирбе, ыйлаганы барба, аларды жоктоп ыйлаба. Анткени Мен бул элден Өзүмдүн тынчтыгымды, ырайымымды жана аёомду тартып алдым, – дейт Теңир.

6 Бул жерде улуулар да, кичүүлөр да өлүшөт. Алар көмүлбөйт, аларды жоктоп ыйлашпайт, өздөрүн тытышпайт, алар үчүн чачтарын кырдырышпайт.

7 Алар үчүн кайгы учурунда, өлгөн киши жөнүндө көңүл айтып нан сындырышпайт. Алардын атасы жөнүндө, энеси жөнүндө көңүл айтып чөйчөк сунушпайт.

8 Ошондой эле той болуп жаткан үйгө кирбе, алар менен отуруп жеп-ичпе».

9 Анткени Ысрайылдын Кудайы, Себайот Теңир мындай дейт: «Мына, Мен бул жерде силердин көз алдыңарда, силердин бүт күндөрүңөрдө кубанычтын жана шаттыктын үнүн, күйөөнүн жана колуктунун үнүн токтотом.

10 Сен бул сөздөрдүн баарын бул элге айтып бергениңде, алар сага: "Эмне үчүн Теңир бизге каршы бул оор кайгынын баарын айтты, биздин айыбыбыз кайсы, Кудай-Теңирибиздин алдында кылган күнөөбүз кайсы?", – дешсе,

11 анда аларга мындай де: "Анткени силердин ата-бабаларыңар Мени таштап коюшту, – дейт Теңир, – башка кудайларды ээрчип кетишти, аларга кызмат кылышты, аларга табынышты, Мени болсо таштап коюшту, Менин мыйзамдарымды сакташкан жок.

12 Силер болсо ата-бабаларыңардан да жаман кылып жатасыңар, Мени укпай, ар кимиңер жаман жүрөгүңөрдүн өжөрдүгү боюнча жашап жатасыңар.

13 Бул үчүн Мен силерди бул жерден өзүңөр да, ата-бабаларыңар да билбеген жерге ыргытып жиберем, ошол жерде башка кудайларга күнү-түнү кызмат кыласыңар, анткени Мен силерге ырайым кылбайм".

**Куулуп кеткен жерлерден кайра алып келүү жөнүндөгү убада**

14 Ошондуктан мына, күндөр келе жатат, – дейт Теңир, – ошол күндөрү “Ысрайыл уулдарын Мисир жеринен алып чыккан Теңир тирүү!” деп айтпай калышат.

15 Бирок “Ысрайыл уулдарын түндүк жеринен жана аларды кайсы жерлерге кууп жиберсе, ошол жерлердин баарынан алып чыккан Теңир тирүү”. Анткени Мен аларды ата-бабаларына берген жерге кайрадан алып келем.

**Келечекте боло турган жаза жана элдин кайтып келиши**

16 Мына, Мен көптөгөн балыкчыларды жиберем, – дейт Теңир, – ошол балыкчылар аларды кармашат. Андан кийин көп аңчыларды жиберем, ошол аңчылар аларды ар кайсы тоодон, ар кайсы адырдан жана аскалардын капчыгайларынан кармашат.

17 Анткени Менин көздөрүм алардын бардык жолдорунда, алар Менин жүзүмдөн жашыруун эмес, алардын анткорлугу Менин көзүмдөн жашыруун эмес.

18 Ошондуктан Мен аларды баарынан мурда анткорлугу үчүн, күнөөсү үчүн эки эсе жазалайм, анткени алар Менин жеримди булгашты. Менин мурасымды алар өздөрүнүн жийиркеничтүү өлүктөрүнө жана жийиркеничтүү нерселерине толтурушту».

**Теңирге таянуу сыйынуусу**

19 Теңир! Менин күчүм, кубатым, кайгы күнү баш паанам Сенсиң! Сага жер кыйырынан элдер келип, мындай дешет: «Биздин ата-бабаларыбыз жалганды, эч кандай пайдасы жок курулай кудайларды гана мурастап келишти».

20 Адам өзүнө кудай эмес нерселерди кудай кыла алабы?

21 «Ошондуктан мына, Мен азыр аларга көрсөтөм, Мен аларга Өз колумду жана Өзүмдүн кудуретимди көрсөтөм, ошондо алар Менин ысымым Теңир экенин билишет.

**17-БӨЛҮМ**

**Жүйүт аймагындагылардын күнөөсү жана алардын жазаланышы**

1 Жүйүттүн күнөөсү темир кескич менен, алмаздын мизи менен алардын жүрөк лоокторуна жана алардын курмандык чалынуучу жайларынын мүйүздөрүнө жазылды.

2 Алар өз уулдарын эстегендей, өздөрүнүн курмандык чалынуучу жайлары тууралуу, бийик дөбөлөрдөгү, жашыл дарактардын түбүндөгү Ашейра мамылары тууралуу эстешет.

3 Талаадагы Өзүмдүн тоомду, сенин мал-мүлкүңдү, сенин бардык асыл буюмдарыңды талап-тоноого берем, сенин бардык бутканаларыңды бардык аймактарыңдагы күнөөлөрүң үчүн талап-тоноого берем.

4 Мен берген мурастан ажыраганга сен өзүң себепкер болосуң, анан сени өзүң билбеген жердеги душмандарыңа кулчулукка берем, анткени силер Менин каарымдын отун жалындаттыңар, ал түбөлүккө күйө берет».

**Санат сөз**

5 Теңир мындай дейт: «Адамдан үмүттөнгөн, өз денесин тирек кылган, жүрөгү Теңирден алыстаган адамга каргыш!

6 Ал адам чөлдөгү бадалдай болот, ал ырайымдын келгенин көрбөйт, чөлдөгү ысык жерлерге, түшүм бербеген, эч ким жашабаган жерге отурукташат.

7 Теңирден үмүттөнгөн, Теңирге таянган адам баталуу.

8 Анткени ал адам суу боюна тигилген, тамырын суу түбүнө жайган дарактай болот. Ал аптапты сезбейт. Анын жалбырактары жашыл бойдон турат, ал кургакчылык убагында да коркпойт, мөмө берүүсүн токтотпойт.

9 Адамдын жүрөгү өтө анткор, өтө бузулган, аны ким биле алат?

10 Мен, Теңир, ар бир адамга өзүнүн жолуна жана кылган иштеринин жемишине жараша тиешесин берүү үчүн, жүрөккө чейин кирип, ички дүйнөнү сынап турам.

11 Байлыкты жалган жол менен тапкан адам өзү туубаган жумурткаларды басып отурган кекиликтей: ал байлыкты өмүрүнүн жартысында калтырат, өмүрүнүн аягында акылсыз бойдон калат».

12 Биздин ыйыктала турган жайыбыз – башынан эле жогору көтөрүлгөн даңк тагында.

13 Сен, Теңир, Ысрайылдын үмүтүсүң. Сени таштаган адамдардын баары маскара болушат. «Менден четтегендердин бардыгы жерге жазылат, анткени өмүр суусунун булагы болгон Теңирди таштап коюшту».

**Жеремиянын сыйынуусу**

14 Мени айыктыр, Теңир, ошондо мен айыгам. Мени куткар, ошондо мен куткарылам. Анткени менин мактанычым Сенсиң.

15 Алар мага: «Теңирдин сөзү кайда? Ал келсин!» – дешет.

16 Мен Сенин койчуң болууга шашылган жокмун жана кайгы күнүн каалаган эмесмин, муну Сен билесиң. Менин оозумдан чыккан нерсе Сенин алдыңда ачык.

17 Мен үчүн коркунучтуу болбо, кайгы күнү менин таянычым Сенсиң.

18 Мени куугандар уятка калышсын, бирок мен уятка калбайын. Алар калтырашсын, бирок мен калтырабайын. Аларга кайгы күндү каптат, аларды өзгөчө кыйроо менен кыйрат.

**Ишемби күнүн сактоо жөнүндө**

19 Теңир мага мындай деди: «Бар, Жүйүт падышалары кире турган жана чыга турган, элдин уулдарынын дарбазаларынын алдында тур, Иерусалимдин бардык дарбазаларынын алдында тур.

20 Анан аларга мындай де: “Жүйүт падышалары, бардык Жүйүт эли жана ушул дарбазалар менен кирген Иерусалимдин бардык тургундары, Теңирдин сөзүн уккула.

21 Теңир мындай дейт: "Өз жаныңарды сактагыла, ишемби күнү жүк көтөрбөгүлө, Иерусалимдин дарбазалары аркылуу жүк көтөрүп кирбегиле.

22 Ишемби күнү үйүңөрдөн жүк көтөрүп чыкпагыла, эч кандай жумуш кылбагыла, бирок ишемби күндү Мен силердин ата-бабаларыңарга кандай буйрусам, ошондой кылып ыйык туткула.

23 Бирок алар укпай коюшкан, кулак төшөбөй коюшкан, акыл-насаатты укпаш үчүн, аны кабыл албаш үчүн, тоң моюн болуп калышкан.

24 Эгерде силер Менин тилимди алып, – дейт Теңир, – ишемби күнү бул шаардын дарбазалары аркылуу жүк көтөрүп кирбесеңер, бул күнү эч кандай жумуш жасабай, аны ыйык тутсаңар,

25 анда бул шаардын дарбазалары аркылуу Дөөттүн тагында отурган падышалар менен төрөлөр, араба менен жүргөндөр, атка минип жүргөндөр киришет. Алар жана алардын мырзалары, жүйүттөр жана Иерусалимдин тургундары киришет, ошентип, бул шаар түбөлүккө эл жашаган шаар болот.

26 Ошондо Жүйүт шаарларынан да, Иерусалимдин айланасынан да, Бенжемин жеринен да, түздүктөрдөн да, тоолордон да, түштүктөн да келишет, Теңир үйүнө бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктарды жана башка курмандыктарды, нан курмандыктарын, жыпар жыттуу заттарды жана ыраазычылык курмандыктарын алып келишет.

27 Эгерде Менин тилимди албай, ишемби күнүн ыйык тутпай, ишемби күнү Иерусалимдин дарбазасы аркылуу жүк көтөрүп кирсеңер, анда анын дарбазасына от коём, ал Иерусалимдин чептерин жалмайт, өчпөйт"”».

**18-БӨЛҮМ**

**Кудайдын карапачынын үйүнөн сүйлөгөн сөзү**

1 Жеремияга Теңирден болгон сөз:

2 «Тур, карапачынын үйүнө түш, ошол жерде Мен сага Өзүмдүн сөздөрүмдү айтам».

3 Ошондо мен карапачынын үйүнө түштүм, ал карапа жасаган тегерек куралда өз ишин жасап жатыптыр.

4 Карапачы топурактан жасап жаткан идиш анын колунда бузулуп калды. Ошондо ал кайрадан ошол топурактан өзү каалаган башка бир идиш жасады.

5 Ошондо мага Теңирден сөз болду:

6 «Ысрайыл, Мен силерге ушул карапачы кылгандай кыла албайт бекем? – дейт Теңир. – Карапачынын колунда топурак кандай болсо, силер да Менин колумда ошондойсуңар, Ысрайыл.

7 Кээде Мен кайсы бир эл же падышачылык жөнүндө анын тамырын жулам, талкалайм, жок кылам деп айтам.

8 Бирок Мен айткан ошол эл өзүнүн жаман иштеринен баш тартса, Мен аларга жамандык кылам деген оюмдан кайтам.

9 Ал эми кээде Мен кайсы бир эл же падышачылык жөнүндө аны орнотом жана бекемдейм деп айтам.

10 Бирок алар Менин көз алдымда жамандык кылып, Менин үнүмдү укпай турган болсо, Мен аларга ырайым кылам деген оюмдан кайтам.

11 Ошондуктан Жүйүттүн адамдарына жана Иерусалимдин тургундарына айт: Теңир мындай дейт: “Мына, Мен силерге жамандык даярдап жатам, силерге каршы жамандык ойлоп жатам. Ошондуктан ар бириңер өзүңөрдүн жаман жолуңардан бурулгула, жолдоруңарды жана иштериңерди оңдогула”.

12 Бирок алар мындай деп айтышат: “Үмүт кылба, биз өзүбүздүн оюбуз боюнча жашайбыз, ар бирибиз жаман жүрөгүбүздүн өжөрлүгү боюнча иш кылабыз”».

13 Ошондуктан Теңир мындай дейт: «Элдер арасынан сурагыла, ушундай нерсени уккан адам бар бекен? Ысрайыл кызы өтө жийиркеничтүү иштерди кылды.

14 Лебанон тоосунун чокусунан кар кетеби? Башка жерлерден аккан муздак суулар соолуп калабы?

15 Менин элим болсо Мени таштап кетти. Алар жалган кудайларга жыпар жыттуу зат түтөтүп жатышат, өз жолдорунда мүдүрүлүштү, салынбаган жол менен жүрүш үчүн,

16 өздөрүнүн жерин көргөн элдин үрөйүн учурган жер кылыш үчүн, түбөлүк шылдыңга калтырыш үчүн, байыркы жолдорунташташты. Ошондуктан ал жер менен өткөн ар бир адам таң калып, башын чайкайт.

17 Аларды чыгыш шамалы сыяктуу душмандын көз алдында сапырам. Башына мүшкүл түшкөн күнү аларга жүзүмдү бурбастан, аркамды салам».

**Жеремиянын Кудайдан жардам сурап сыйынышы**

18 Алар болсо: «Келгиле, Жеремияга каршы жаман ой түзөбүз, анткени ыйык кызмат кылуучунун мыйзамы, акылмандын кеңеши, пайгамбардын сөзү жоголо элек. Келгиле, аны тилибиз менен өлтүрүп, сөзүн укпай коёбуз», – деп айтышты.

19 Мени ук, Теңир, менин душмандарымдын үнүн ук.

20 Жакшылыкка жамандык кылса болобу? Алар болсо менин жаным үчүн ор казып жатышат. Алар жөнүндө жакшы нерсе айтыш үчүн, Сенин каарыңды алардан кайт кылдырыш үчүн, Өзүңдүн алдыңда турганымды эстегин.

21 Ошондуктан алардын балдарын ачарчылыкка калтыр, аларды кылыч менен кыр. Алардын аялдары баласыз калышсын, жесир калышсын, күйөөлөрү өлүмгө берилсин, уландары майданда кылычтан кырылсын.

22 Сен аларга күтүлбөгөн жерден аскерлерди каптатканда, алардын үйлөрүнөн өкүрүк угулуп турсун. Анткени алар мени колго түшүрүш үчүн, ор казып жатышат, буттарым үчүн жашыруун тузак тартып коюшту.

23 Бирок Сен, Теңир, алардын мени өлтүрүш үчүн ойлогон бардык ойлорун билесиң. Алардын анткорлугун кечирбе, алардын Сенин алдыңдагы күнөөсүн унутпа. Алар Сенин алдыңда кулатылсын. Аларды Өзүң каарданып жатканда жазала.

**19-БӨЛҮМ**

**Талкаланган кумурадай…**

1 Теңир мындай деди: «Бар, карапачыдан чопо кумура сатып ал. Өзүң менен кошо эл аксакалдарын жана ыйык кызмат кылуучулардын башчыларын ал.

2 Анан Харсит дарбазасынын алдындагы Ином уулдарынын өрөөнүнө чык, ошол жерде Мен сага айта турган сөздөрдү жарыя кыл.

3 Ошондо мындай де: “Жүйүт падышалары жана Иерусалим тургундары, Теңирдин сөзүнө кулак салгыла! Ысрайылдын Кудайы, Себайот Теңир мындай дейт: "Мына, бул жерге Мен кайгы каптатам, ал тууралуу уккан адамдын кулагы тунат.

4 Анткени алар Мени таштап кетишти, бул жерди Мага жат жер кылышты, бул жерде өздөрү да, ата-бабалары да, Жүйүт падышалары да билбеген башка кудайларга жыпар жыттуу зат түтөтүштү, бул жерди айыпсыз канга толтурушту.

5 Баалга бутканаларды курушту, өз уулдарын Баалга арнап бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка өрттөштү, Мен аны буйрук кылган эмесмин, айткан эмесмин, ал Менин оюма да келген эмес.

6 Ошон үчүн, мына, күндөр келе жатат, – дейт Теңир, – ошол күндөрдөн кийин бул жер Топет же Ином уулдарынын өрөөнү эмес, Өлтүрүү өрөөнү деп аталып калат.

7 Бул жерде Жүйүттүн да, Иерусалимдин да кеңешин жок кылам, аларды өз душмандарынын көз алдында кылыч менен, аларды өлтүргүсү келгендердин колу менен өлтүрөм, алардын өлүктөрүн асман канаттууларына жана жердеги жырткычтарга азык кылам.

8 Бул шаарды көргөн элдин үрөйүн учургудай кылам, күлкүгө айлантам. Бул шаар аркылуу өткөн ар бир адам таң калат, анын бардык жараатын көрүп ышкырат.

9 Аларга өз уулдарынын жана өз кыздарынын этин жедирем. Аларды өлтүргүсү келген душмандары кысымга алганда, курчоодо, эзүүдө жатып, ар кимиси өз жакынынын этин жейт"”.

10 Анан сени менен келген кишилердин көз алдында кумураны талкала.

11 Аларга мындай деп айт: Себайот Теңир мындай дейт: “Мен бул элди жана бул шаарды карапачынын талкаланган, калыбына келбей турган идишиндей кылып талкалайм. Көмүүгө жер жетишсиз болгондуктан, аларды Топетте көмүшөт.

12 Бул жерди, – дейт Теңир, – жана бул жерде жашагандарды так ушундай кылам, бул шаарды Топеттей кылам.

13 Иерусалимдин үйлөрү да, Жүйүт падышаларынын үйлөрү да Топет жериндей таза эмес жер болот, анткени бардык үйлөрдүн төбөсүндө бардык асман кошуундарына жыпар жыттуу зат түтөтүшөт, бөтөн кудайларга куюлуучу курмандыктарын куюшат”».

14 Жеремия Теңир пайгамбарчылык кылууга жиберген Топеттен келип, Теңир үйүнүн короосунда туруп алып, бүт элге мындай деп айтты:

15 «Ысрайылдын Кудайы, Себайот Теңир, мындай дейт: “Мына, Мен бул шаарга жана Жүйүттүн бардык шаарларына, ага каршы айткан бүт кайгыны каптатам, анткени алар – тоң моюн эл, Менин сөздөрүмдү угушпайт”».

**20-БӨЛҮМ**

**Жеремия менен Пашкур**

1 Теңир үйүнүн башкы күзөтчүсү, ыйык кызмат кылуучу Имейирдин уулу Пашкур Жеремиянын пайгамбарчылык кылып айткан ушул сөздөрүн укканда,

2 Жеремия пайгамбарды уруп, Теңир үйүнүн алдындагы Бенжеминдин жогорку дарбазасынын жанында турган көзөнөк жыгачка отургузуп койду.

3 Бирок экинчи күнү Пашкур Жеремияны көзөнөк жыгачтан чыгарды. Ошондо Жеремия ага: «Теңир сага Пашкур деген ысым берген эмес, Ал сага Магор Мисабип деген ысым берген», – деди.

4 Анткени Теңир мындай дейт: "Мына, Мен сени өзүңө жана өзүңдүн бардык досторуңа коркунучтуу кылам, алар өз душмандарынын кылычынан кырылышат, аны сен өз көзүң менен көрөсүң. Бүт Жүйүттү Бабыл падышасынын колуна салып берем, аларды Бабылга алып кетип, кылычтап өлтүрүшөт.

5 Анан бул шаардын бардык байлыктарын, алардын эмгектенип тапкандарынын баарын, анын бардык асыл мүлктөрүн жана Жүйүт падышаларынын бардык казыналарын алардын душмандарына берем, аларды талап-тоноп алып, Бабылга жөнөтүшөт.

6 Пашкур, сен жана сенин үйүңдө жашагандардын бардыгы туткунга кетесиңер. Сен Бабылга келип, ошол жерде өлөсүң, ошол жерге көмүлөсүң, сен кайсы досторуңа жалган пайгамбарчылык кылсаң, ал досторуң да ошол жерге көмүлөт"».

**Пайгамбардын кайгырышы**

7 Сен мени Өзүңө көндүрдүң, Теңирим, мен да көндүм. Сен менден күчтүүсүң, ошондуктан жеңип чыктың, мен күн сайын шылдың болуп жатам, ар ким мени шылдың кылып жатат.

8 Анткени мен сүйлөй баштаганда эле, зордук жөнүндө кыйкырам, кыйроо жөнүндө өкүрөм, анткени Теңирдин сөзү үчүн мени шылдың кылышты, күнүгө күлкү кылышты.

9 Ошондо мен: «Мындан ары Теңир жөнүндө адамдардын эсине салбайм, мындан ары Анын атынан сүйлөбөйм», – деп ойлодум, бирок Теңирдин сөзү жүрөгүмдө, сөөктөрүмдө камалган алоолонгон оттой болду. Аны менката албай калдым, анткени катып жүрүп кыйналып бүттүм.

10 Анткени мен көп адамдардын жалааларын уктум, туш-туштан мындай деген коркутуулар: «Билдиргиле, биз болсо анын үстүнөн сөз жеткирип барабыз». Мүдүрүлүп кетер бекен деп, мени менен тынчтыкта жашагандардын баары артыман аңдып турушат: «Балким, ал колго түшөр, ошондо биз аны жеңип алабыз, андан өчүбүздү алабыз», – дешет.

11 Бирок күчтүү аскердей болгон Теңир мени менен. Ошондуктан мени куугунтуктагандар өздөрү мүдүрүлүшөт, мени жеңе алышпайт. Катуу уятка калышат, анткени акылсыздык кылышты. Түбөлүккө маскара болушат, эч качан унутулбайт.

12 Кудуреттин Теңири! Сен адил адамды сынап турасың, ички дүйнөнү жана жүрөктү көрүп турасың. Сенин алардан өч алганыңды көрсөм экен, анткени мен өзүмдүн ишимди Сага ишенип тапшыргам.

13 Теңирге ырдагыла, Теңирди мактагыла, анткени Ал каардуулардын колунан жакырдын жанын куткарат.

14 Мен төрөлгөн күнгө каргыш! Энем мени төрөгөн күн батасыз болсун!

15 Менин атама: «Сен уулдуу болдуң», – деп сүйүнчүлөп келип, аны аябай сүйүнткөн адамга каргыш!

16 Ал адам Теңир кыйраткан, кыйратканына өкүнбөгөн шаарлардай болуп калсын. Ал эртең менен ый, түштө өкүрүк уксун.

17 Эмне үчүн Теңир мени энемдин курсагында жатканда эле өлтүрүп салган жок? Өз энем мага мүрзө болмок, ал түбөлүккө боюнда бар бойдон калмак.

18 Мен эмне үчүн энемдин ичинен чыктым экен? Кыйынчылык, кайгы көрүш үчүнбү? Менин өмүрүм шылдың менен өтүшү үчүнбү?

**21-БӨЛҮМ**

**Иерусалимдин талкаланышы жөнүндө алдын ала айтуу**

1 Теңирден Жеремияга сөз болгондо, Ситкия падыша Малкиянын уулу Пашкурду жана ыйык кызмат кылуучу Маасейдин уулу Сепанияны Жеремияга:

2 «Теңирден биз жөнүндө сура, анткени Бабыл падышасы Небухаданасар биз менен согушуп жатат. Ал бизден чегиниши үчүн, Теңир, балким, биз үчүн Өзүнүн бардык кереметтерине окшош бир кереметти көрсөтөр», – деп айттырыш үчүн жиберди.

3 Ошондо Жеремия аларга мындай деди: «Ситкияга мындай деп айткыла:

4 Ысрайылдын Кудай-Теңири мындай дейт: “Мына, дубалдын сыртында силерди курчап турган Бабыл падышасы жана каздимдер менен салгылашып жаткан колуңардагы согуштук курал-жарактарды Мен артка бурам, анан аларды ушул шаардын ортосуна чогултам.

5 Силер менен Мен Өзүм согушам. Каарымды төгүп, ачууланып, жаалданып сунулган колум, күчтүү билегим менен согушам.

6 Бул шаарда жашагандардын баарын: адамдарды да, малды да кырам, алар чоң жугуштуу оорудан кырылат.

7 Ошондон кийин, – дейт Теңир, – Жүйүт падышасы Ситкияны, анын кызматчыларын, элди жана бул шаарда жугуштуу оорудан, кылычтан, ачарчылыктан кырылган элдин калганын Бабыл падышасы Небухаданасардын колуна, өздөрүнүн душмандарынын колуна жана алардын жандарын издеп жүргөндөрдүн колуна салып берем. Ошондо ал аларды кылычтын мизине алып кырат, аларды аябайт, аларга боор оорубайт, ырайым кылбайт”».

8 «Бул элге айт: Теңир мындай дейт: “Мына, Мен силерге өмүрдүн жолун жана өлүмдүн жолун сунуш кылып жатам:

9 Бул шаарда калган адам кылычтан, ачарчылыктан, жугуштуу оорудан өлөт. Ал эми чыгып, силерди курчап алган каздимдерге багынып берген адам аман калат, ага өзүнүн жаны олжо ордуна болот.

10 Анткени Мен Өз жүзүмдү ушул шаарга каршы бурдум, – дейт Теңир, – жакшылыкка эмес, жамандыкка бурдум. Шаар Бабыл падышасынын колуна берилет, ал аны өрттөйт”.

**Жүйүт падышасынын тукумун жазалоо**

11 Ал эми Жүйүт падышасынын тукумуна айт: “Теңирдин сөзүн уккула:

12 Дөөт тукуму! Теңир мындай дейт: "Менин каарым оттой жалындабашы үчүн, силердин кыянат иштериңердин себебинен эч ким өчүрө албай тургандай болуп жалбырттап күйбөшү үчүн, таң заардан акыйкаттык кылгыла, тонолгонду талап-тоноочунун колунан куткаргыла.

13 Мына, Мен сага каршымын, өрөөндүн тургуну, түздүктүн аскасы, – дейт Теңир. – 'Бизге ким каршы чыга алат жана биздин турагыбызга ким кире алат?' – деп айткан силерге каршымын.

14 Бирок Мен силерди иштериңердин жемиштерине жараша жазалайм, – дейт Теңир, – силердин токоюңарга от коём, ал от анын тегерегиндегилердин баарын жалмайт"”».

**22-БӨЛҮМ**

**Жүйүт падышасынын үйүнө кайрылуу**

1 Теңир мындай деди: «Жүйүт падышасынын үйүнө түшүп, мына бул сөздү айт:

2 Мындай деп айт: “Дөөттүн тагында отурган Жүйүт падышасы, Теңирдин сөзүнө кулак сал, бул дарбазадан кирген сен да, кызматчыларың да, элиң да – баарыңар Теңирдин сөзүн уккула.

3 Теңир мындай дейт: "Адилеттик жана акыйкаттык кылгыла, ыза көргөндү эзүүчүнүн колунан куткаргыла, келгинди, жетимди жана жесирди таарынтпагыла, кысымга албагыла, бул жерде жазыксыз кан төкпөгүлө.

4 Эгерде силер бул сөздөрдү аткара турган болсоңор, анда бул үйдүн дарбазасы аркылуу Дөөттүн ордунда, анын тагында отурган падышалар, арабага түшүп жүргөндөр, атка минип жүргөндөр – өздөрү да, кызматчылары да, эли да кирет.

5 Эгерде силер бул сөздөрдү укпай турган болсоңор, анда Өзүм менен ант берем, – дейт Теңир, – бул үй ээн калат".

6 Анткени Жүйүт падышасынын үйүнө Теңир мындай дейт: Менин Гилатым, сен Лебанондун чокусусуң, бирок Мен сени чөлгө, эл жашабаган шаарга айлантам.

7 Сага каршы ар биринин колунда өз куралы бар кыйратуучуларды даярдайм, алар сенин эң жакшы кедрлериңди кыйып, отко ыргытышат.

8 Ошондо бул шаар аркылуу көптөгөн элдер өтүшөт жана бири-биринен: "Эмне үчүн Теңир бул улуу шаарды ушундай кылды?" – деп сурашат.

9 Ошондо мындай жооп айтышат: "Анткени алар өз Кудай-Теңиринин келишимин таштап коюшту, башка кудайларга табынышты, ошолорго кызмат кылышты"”».

**Шалум жөнүндөгү пайгамбарчылык**

10 Өлгөн кишини жоктоп ыйлабагыла, аны аябагыла, бирок туткунга кетип бара жаткан адам үчүн катуу ыйлагыла, анткени эми ал кайрылып келбейт, өзүнүн туулган өлкөсүн көрбөйт.

11 Анткени өз атасы Жошиядан кийин падышачылык кылган Жүйүт падышасы – ушул жерден туткунга кеткен Жошия уулу Шалум жөнүндө Теңир мындай дейт: «Эми ал бул жерге кайрылып келбейт.

12 Ал туткундалып кеткен жеринде өлөт, мындан кийин бул жерди көрбөйт».

**Жайаким жөнүндөгү пайгамбарчылык**

13 Өз үйүн адилетсиздик менен курган, өзүнүн жаткан бөлмөлөрүн мыйзамсыздык менен курган, өз жакынын акысыз иштөөгө мажбур кылган, анын эмгек акысын төлөп бербеген адамга кайгы!

14 Ал: «Өзүмө заңгыраган үй, кенен бөлмөлөрдү курам», – деп, өзүнө терезе чыгарып, кедр тактайлары менен каптап, кызыл боёк менен боёйт.

15 Сен өзүңө бардыгын кедр жыгачы менен куруп алгандыгың үчүн, падыша болом деп ойлойсуңбу? Сенин атаң жеди, ичти, бирок акыйкаттык жана адилеттик кылып турду, ошондуктан ага жакшы болгон.

16 Ал жакыр адамдын жана муктаж адамдын ишин териштирип турган, ошондуктан ага жакшы болгон. «Бул Мени билгендикти билдирбейт бекен?» – дейт Теңир.

17 Бирок сенин көздөрүң менен жүрөгүң өз кызыкчылыгыңа, жазыксыз кан төгүүгө, кысымчылык, зордук-зомбулук кылууга гана бурулган.

18 Ошондуктан Теңир Жүйүт падышасы – Жошия уулу Жайаким тууралуу мындай дейт: «Аны жоктоп: “Аттиң ай, бир боорум! Аттиң, карындашым!” – деп ыйлашпайт. Аны жоктоп: “Аттиң ай, падыша! Аттиң, улуу урматтуум!” – деп ыйлашпайт.

19 Аны эшекти көмгөндөй көмүшөт: аны сыртка сүйрөп чыгып, Иерусалим дарбазасынын сыртына, алыс ыргытышат».

**Иерусалим жөнүндөгү пайгамбарчылык**

20 «Лебанонго чыгып кыйкыр, Башанга чыгып үнүңдү жаңырт, Абарымдан кыйкыр, анткени сенин бардык шериктериң кыйрады.

21 Мен сага сен тынчтык мезгилде жашап жатканда сүйлөгөм, бирок сен: “Укпайм”, – деп койгонсуң. Сенин жүрүш-турушуң жаш чагыңда эле ушундай болчу, сен Менин үнүмө кулак салчу эмессиң.

22 Сенин бардык койчуларыңды шамал учуруп кетет, досторуң туткунга кетет, ошондо сен өзүңдүн бардык кыянаттыгың үчүн уятка каласың, маскара болосуң.

23 Кедр дарагында уялаган Лебанондун тургуну! Сага төрөп жаткан аялдыкындай толгоо, кыйноо келгенде, сен ушунчалык аянычтуу болосуң!»

**Жайахиндин жазаланышы**

24 «Мен тирүүмүн, – деди Теңир. – Эгерде Жүйүт падышасы Жайаким уулу Жайахин Менин оң колумдагы шакек болсо да, Мен сени ошол жерден да сууруп алам.

25 Анан сени өзүңдү өлтүргүсү келгендердин колуна, өзүң корккондордун колуна, Бабыл падышасы Небухаданасардын колуна, каздимдердин колуна берем.

26 Сени да, сени төрөгөн энеңди да өзүңөр төрөлбөгөн чоочун өлкөгө ыргытып жиберем, ошол жерде өлөсүңөр.

27 Бирок алар өздөрүнүн жаны кайтып келүүнү каалаган жерге кайрылып келишпейт».

28 Чын эле, Жайахин жек көрүндү, катардан чыккан адамбы? Же ал keректен чыккан идишпи? Ал жана анын тукуму эмне үчүн өздөрү билбеген өлкөгө ыргытылды?

29 Оо жер, жер, жер! Теңирдин сөзүнө кулак сал!

30 Теңир мындай дейт: «Бул адамды балдарынан ажыраган, өз өмүрүндө жолу болбогон адам деп жазып койгула, анткени эми анын тукумунан эч ким Дөөттүн тагына отурбайт, Жүйүт аймагында бийлик жүргүзбөйт».

**23-БӨЛҮМ**

**Ишенимсиз койчуларга болгон Кудайдын каары**

1 «Менин короомдун койлорун кырган жана туш-тушка кууп жиберген койчуларга кайгы!» – дейт Теңир.

2 Ошондуктан Ысрайылдын Кудай-Теңири Менин элимди кайтарып жүргөн койчуларга мындай дейт: «Силер Менин койлорумду чачыратып жибердиңер, туш-тушка кууп жибердиңер, аларды карабай койдуңар. Мына, Мен силерди кыянат иштериңер үчүн жазалайм, – дейт Теңир.

3 Мен койлорумдун калдыгын, аларды кайсы өлкөлөргө кууп жиберсем, ошол өлкөлөрдөн чогултуп, өз короолоруна алып келем, ошондо алар укумдап-тукумдап көбөйүшөт.

4 Алардын үстүнөн аларды кайтара турган койчуларды коём, ошондон кийин алар коркушпайт, чочушпайт, жоголушпайт, – дейт Теңир.

5 Мына, күндөр келе жатат, – дейт Теңир, – ошол күндөрү Дөөткө адилеттүү Бутак өстүрүп чыгарам, Падыша такка отурат, акылмандык менен иш кылат, жер үстүндө акыйкаттык жана адилеттик кылат.

6 Анын убагында Жүйүт куткарылат, Ысрайыл коопсуз жашайт. Мына, аны мындай ат менен аташат: “Теңир биздин адилеттигибиз!”

7 Ошондуктан мына, күндөр келе жатат, – дейт Теңир, – ошол күндөрү: “Ысрайыл уулдарын Мисир жеринен алып чыккан Теңир тирүү!” – деп айтпай калышат.

8 Бирок: “Ысрайылдын урууларын Өзү кууп жиберген түндүк жеринен жана башка жерлерден кайра алып чыгып, өз жерлерине алып келген Теңир тирүү”, – деп айтышат. Ысрайыл өз жеринде жашайт».

**Жалган пайгамбарлар жөнүндөгү пайгамбарчылык**

9 Пайгамбарлар жөнүндө. Ичимде жүрөгүм тилинип жатат, сөөктөрүмдүн баары титиреп жатат. Мен Теңирим үчүн, Анын ыйык сөздөрү үчүн шарапка жеңилген мас кишиге окшоп турам.

10 Анткени жер ойноштук кылгандарга толду, анткени жер каргыштан улам боздоп турат. Чөлдөгү жайыттар куурап калды, алардын максаты – жамандык, алардын күч-кубаты – анткорлук.

11 Анткени пайгамбар да, ыйык кызмат кылуучу да эки жүздүү, атүгүл, «Мен Өз үйүмдө да алардын мыйзамсыздыгын таптым, – дейт Теңир.

12 Ошон үчүн аларга өздөрүнүн жолдору караңгыдагы тайгалак жердей болот. Аларды түртүп кетишет, ошондо алар ошол жерге жыгылышат, анткени Мен аларды жазалай турган жылы алардын башына мүшкүл түшүрөм, – дейт Теңир.

13 Мен Самариянын пайгамбарларынан да акылсыздыкты көрдүм. Алар Баалдын атынан пайгамбарчылык кылып, Менин элим Ысрайылды адаштырышты.

14 Иерусалимдин пайгамбарларынан да өтө жаман нерселерди көрдүм, алар бузуктук кылып, жалганчылык менен жүрүшөт, эч ким өзүнүн мыйзамсыздыгынан бурулбасын деп, кылмышкерлерди колдоп жатышат. Алардын бардыгы Менин алдымда Содом сыяктуу, анын тургундары Амор сыяктуу».

15 Ошондуктан Себайот Теңир пайгамбарлар жөнүндө мындай дейт: «Мен аларга эрмен жедирем, өт кошулган суу ичирем, анткени эки жүздүүлүк бүт жер жүзүнө Иерусалимдин пайгамбарларынан тарады».

16 Себайот Теңир мындай дейт: «Силерге пайгамбарчылык кылган пайгамбарлардын сөздөрүнө кулак салбагыла: алар силерди алдап жатышат, алар Теңирдин оозунан чыккан сөздү эмес, өз жүрөгүнүн кыялдарын айтып жатышат.

17 Алар Мага акарат келтиргендерге дайыма: “Теңир айтты, Силерде тынчтык болот”, – деп жатышат. Өз жүрөгүнүн өжөрлүгү менен жүргөн ар бир кишиге: “Силерге кайгы келбейт”, – деп айтып жатышат.

18 Анткени ким Теңирдин кеңешмесинде турду? Анын сөзүн ким көрүп, ким укту? Анын сөзүн ким угуп, ким түшүндү?

19 Мына, Теңирден катаал бороон келе жатат, каардуу бороон келе жатат, ал ыймансыздардын башына түшөт.

20 Теңир Өз жүрөгүнүн ниетин аткармайынча, аны жүзөгө ашырмайынча, Анын каары кайтпайт. Келе жаткан күндөрдө силер муну ачык түшүнөсүңөр.

21 Мен бул пайгамбарларды жиберген эмесмин, алар өздөрү жүгүрүп кетишти. Мен аларга сүйлөгөн эмесмин, алар өздөрү пайгамбарчылык кылышты.

22 Эгерде алар Менин кеңешмемде турушса, анда Менин элиме Менин сөзүмдү жарыя кылышмак, аларды жаман жолдорунан жана жаман иштеринен буруп кетишмек.

23 Мен жакын турганда эле Кудай, алыс турганда Кудай эмес бекем? – дейт Теңир.

24 Адам Мен көрбөй турган жашыруун жерге жашынып кала алабы? – дейт Теңир. Асман менен жерди толтуруп турган Мен эмес бекем? – дейт Теңир.

25 Менин ысымым менен жалган пайгамбарчылык кылган пайгамбарлардын эмне деп жаткандарын Мен уктум. Алар: “Түшүмө кирди, түшүмө кирди”, – дешет.

26 Бул качанкыга чейин жалганды пайгамбарчылык кылган, өздөрүнүн жүрөгүндөгү куру кыялды пайгамбарчылык кылган пайгамбарлардын жүрөгүндө жүрө берет?

27 Алардын ата-бабалары Баалдын айынан Менин ысымымды унутуп коюшкандай, алар бири-бирине айтып берген түштөрү аркылуу Менин элимди Менин атымды унутканга чейин жеткирүүнү ойлоп жатышабы?

28 Түш көргөн пайгамбар түшүн түш катары айтып берсин. Ал эми кимде Менин сөзүм бар болсо, ал Менин сөзүмдү туура айтсын. Топон менен таза дандын кандай жалпылыгы бар? – дейт Теңир.

29 Менин сөзүм от сыяктуу эмеспи? – дейт Теңир. – Менин сөзүм асканы талкалаган барскандай эмеспи?

30 Ошондуктан мына, Мен Менин сөзүмдү бири-биринен уурдаган пайгамбарларга каршымын, – дейт Теңир.

31 Мына, Мен: “Теңир айтты”, – деп коюп, өздөрүнүн тили менен иш кылган пайгамбарларга каршымын, – дейт Теңир.

32 Мына, Мен жалган түш көргөн пайгамбарларга каршымын, – дейт Теңир. Мен аларды жибербесем да, аларга буйрук бербесем да, өздөрүнүн түштөрүн айтып берип, Менин элимди өздөрүнүн куру кыялы менен, азгырыгы менен тескери жолго салып жатышат, – дейт Теңир. Алар бул элге эч кандай пайда алып келишпейт», – дейт Теңир.

**«Теңирден оордук» деген сөз жөнүндө**

33 «Эгерде ушул эл, же пайгамбар, же ыйык кызмат кылуучу сенден: “Теңирден кандай оордук болот?” – деп сураса, анда аларга айт: “Кандай оордук? "Мен силерди таштап кетем", – дейт Теңир”.

34 Эгерде пайгамбар, же ыйык кызмат кылуучу, же эл: “Теңирден оордук келет”, – десе, Мен ал адамды да, анын үйүн да жазалайм.

35 Бири-бириңерден, бир тууган бир туугандан: “Теңир эмне деп жооп берди?” же болбосо: “Теңир эмне деп айтты?” – деп сурасын.

36 Ал эми “Теңирден оордук болот” деген сөздү мындан ары колдонбогула, анткени аны айткан адамга өз сөзү өзүнө оордук болот. Анткени силер Кудайыбыз Себайот Теңирдин, тирүү Кудайыбыздын, сөздөрүн бурмалап жатасыңар.

37 Пайгамбарга: “Сага Теңир эмне деп жооп берди?” же болбосо: “Теңир эмне деп айтты?” – де.

38 Эгерде силер: “Теңирден оордук келди”, – деп дагы айта турган болсоңор, анда Теңир мындай дейт: “Теңирден оордук келди”, – деп айтпагыла деп айттырып жибергениме карабастан, “Теңирден оордук келди” деген сөздү айтканыңар үчүн,

39 мына, Мен силерди таптакыр эсимден чыгарып коём, силерди таштап коём, силерге жана силердин ата-бабаларыңарга берген бул шаарды Өзүмдүн жүзүмдөн четке кагам.

40 Силерди түбөлүккө унутулгус шылдың жана маскара кылам».

**24-БӨЛҮМ**

**Анжыр салынган эки себет**

1 Теңир мага Теңирдин ийбадатканасынын алдына коюлган анжыр салынган эки себетти көрсөттү. Бул Бабыл падышасы Небухаданасар Жүйүт падышасы Жайаким уулу Жайахинди жана жыгач усталары, темир усталары менен Жүйүт төрөлөрүн туткундап, Иерусалимден Бабылга алып келгенден кийин болду.

2 Бир себетте өтө жакшы, эрте бышуучу анжыр мөмөлөрү, экинчи себетте жараксыз болгондуктан жегенге болбой турган, өтө жаман анжыр мөмөлөрү бар экен.

3 Ошондо Теңир менден: «Сен эмнени көрүп турасың, Жеремия?» – деп сурады. Мен: «Жакшы анжырлар өтө жакшы экен, ал эми жаман анжырлар өтө жаман экен, ошон үчүн аларды жегенге болбойт, анткени алар эң жаман», – дедим.

4 Ошондо Теңирден мага сөз болду:

5 Ысрайылдын Кудай-Теңири мындай дейт: «Мына бул жакшы анжырларга окшоштуруп, Мен Өзүм бул жерден каздимдердин жерине жиберген жүйүт туткундарын жакшы деп эсептейм.

6 Аларга жакшы болсун деп, Мен аларга назар салам, аларды бул жерге кайра алып келем. Мен аларды тургузам, аларды бүлүндүрбөйм, Мен аларды отургузам, алардын тамырын кыйбайм.

7 Мен аларга Менин Теңир экенимди биле турган жүрөк берем, ошондо алар Менин элим болушат, Мен болсо алардын Кудайы болом. Анткени алар Мага чын жүрөктөн кайрылышат».

8 Ал эми жараксыз болгондуктан жегенге болбой турган жаман анжырлар тууралуу Теңир мындай дейт: «Мен Жүйүт падышасы Ситкияны жана анын төрөлөрүн, бул жерде калган жана Мисир жеринде жашаган Иерусалим тургундарын ушундай кылам.

9 Мен кууп жиберген бардык жерлерде алардан четтешет, аларга жамандык кылышат, алар лакап болушат, каргышка калышат.

10 Мен аларды өздөрүнө жана ата-бабаларына берген жерден жок кылмайынча, аларга каршы кылыч, ачарчылык, жугуштуу оору жиберем».

**25-БӨЛҮМ**

**Түндүктөн келе турган душман жөнүндөгү пайгамбарчылык**

1 Жүйүт падышасы Жошия уулу Жайакимдин падышачылыгынын төртүнчү жылында бүт жүйүт эли тууралуу Жеремияга Теңирден болгон сөз. Бул Бабыл падышасы Небухаданасардын падышачылыгынын биринчи жылы болгон.

2 Ошондо Жеремия пайгамбар бүт жүйүт элине жана Иерусалимдин бардык тургундарына бул сөздү айтты:

3 «Жүйүт падышасы Амон уулу Жошиянын падышачылыгынын он үчүнчү жылынан бүгүнкү күнгө чейин, жыйырма үч жыл бою Теңирден мага сөз болду. Мен силерге таң заардан сүйлөп келдим, бирок силер укпай койдуңар.

4 Теңир силерге Өзүнүн бардык кулдарын, пайгамбарларын таң заардан жиберип турду, бирок силер аларды уккан жоксуңар, угуш үчүн кулак салбай койгонсуңар.

5 Алар силерге: "Ар бириңер өзүңөрдүн кыянат жолуңардан жана жаман иштериңерден бурулгула, Теңир силерге жана силердин ата-бабаларыңарга кылымдардан-кылымдарга берген жерде жашагыла.

6 Башка кудайлардын артынан жүрбөгүлө, аларга кызмат кылбагыла, аларга таазим этпегиле, өз колуңар менен жасаган нерселер менен Менин каарымды кайнатпагыла, ошондо Мен силерге жамандык кылбайм", – деп айтышкан.

7 "Бирок силер Мени укпай койдуңар, – дейт Теңир, – өзүңөргө жамандык кылып, өз колуңар менен жасаган нерселер менен Менин каарымды кайнаттыңар".

8 Ошондуктан Себайот Теңир мындай дейт: "Менин сөзүмдү укпай койгонуңар үчүн,

9 мына, Мен түндүктөгү бардык урууларды, Менин кулум Бабыл падышасы Небухаданасарды бул жерге, бул жердин тургундарына жана айланадагы бардык элдерге каршы алып келем, – дейт Теңир. – Аларды таптакыр жок кылам, шылдыңга калтырам, түбөлүк урандыга айлантам, аларды көргөндөрдүн үрөйлөрү учат.

10 Алардын кубанычынын жана шаттыгынын үнүн, күйөө менен колуктусунун үнүн, дан тарткан жаргылчагынын үнүн токтотом, шам чырактарынын жарыгын өчүрөм.

11 Ошондо бул жердин бардыгы чөлгө жана үрөйдү учурган жерге айланат. Бул элдер Бабыл падышасына жетимиш жыл кызмат кылышат.

12 Анан мындай болот: жетимиш жыл өткөндөн кийин, Бабыл падышасын да, ошол элди да өздөрүнүн мыйзамсыздыгы үчүн жазалайм, – дейт Теңир, – каздимдердин жерин да жазалайм, аны түбөлүк чөлгө айлантам.

13 Мен Өзүмдүн ошол жерге каршы айткан сөздөрүмдүн бардыгын, бардык элдерге каршы Жеремиянын пайгамбарчылык кылып айткан, ушул китепте жазылган нерселеринин бардыгын жүзөгө ашырам.

14 Анткени аларды да сансыз элдер, улуу падышалар кулга айландырышат. Мен аларга өздөрүнүн кылык-жоругуна жараша жана колдору менен кылган иштерине жараша тиешесин берем"».

**Кудайдын жазасы**

15 Анткени Ысрайылдын Кудай-Теңири мага мындай деп айтты: «Менин колумдан Менин каарымдын шарабына толгон бул чөйчөктү алып, Мен сени кайсы элдерге жиберсем, ошол элдердин баарына андан ичир.

16 Алар ичип алып, теңселишет, анан Менин аларга каршы жиберген кылычымды көрүп, акылдан ажырап калышат».

17 Ошондо мен Теңирдин колунан чөйчөктү алып, Теңир мени жиберген бардык элдерге андан ичирдим:

18 бүгүнкү күнү көрүнүп тургандай, талкалап, көргөндөрдүн үрөйү учкудай кылып, шылдыңга, каргышка калтырыш үчүн, Иерусалимге жана Жүйүт шаарларына, анын падышаларына жана төрөлөрүнө,

19 Мисир падышасы фараонго, анын кызматчылары менен төрөлөрүнө жана бүт элине,

20 ар уруудан кошулган элдердин баарына, Ус жеринин бардык падышаларына, Пелишти жеринин: Ашкелондун, Азанын, Экрондун жана Азоттун калдыгынын падышаларына,

21 Эдомго, Маапка, Амон уулдарына,

22 Тирдин бардык падышаларына, Сидондун бардык падышаларына, деңиздин ары жагындагы аралдардын падышаларына,

23 Деданга, Теймага, Бузага жана чекесиндеги чачын кырккандардын бардыгына,

24 Аравиянын бүт падышаларына, чөлдө жашаган ар кыл уруудагы элдердин бүт падышаларына,

25 Зимринин бүт падышаларына, Эйламдын бүт падышаларына, Мадайдын бүт падышаларына,

26 түндүктөгү падышалардын бардыгына, бири-бирине жакындарына да, алыстарына да, жер бетиндеги бардык падышаларга ичирдим, ал эми Шейшайдын падышасы алардан кийин ичет.

27 «Аларга айт: Ысрайылдын Кудайы, Себайот Теңир мындай дейт: "Ичкиле, мас болгула, кускула, кулагыла, Мен силерге каршы жиберген кылычты көргөнүңөрдө, ордуңардан турбагыла".

28 Эгерде алар ичкилери келбей, чөйчөктү сенин колуңдан алуудан баш тартышса, анда аларга айт: Себайот Теңир мындай дейт: “Силер сөзсүз ичесиңер”.

29 Анткени Менин ысымым менен аталган мына бул шаарга Мен алаамат каптата баштадым. Анан силер жазаланбай калмак белеңер? Жок, жазаланбай калбайсыңар, анткени Мен жер жүзүндө жашагандардын бардыгына кылыч чакырып жатам, – дейт Себайот Теңир.

30 Ошондуктан аларга мына бул сөздөрдүн бардыгын пайгамбарчылык кылып айт: “Теңир бийиктен күркүрөйт, Өзүнүн ыйык турагынан Өз добушун салат. Өзүнүн айыл-кыштактарына абдан катуу дүңгүрөйт, Ал жүзүм сыгылуучу жайда жүзүм тебелегендерге окшоп, жер жүзүндө жашагандардын бардыгына кыйкырат.

31 Ызы-чуу жер кыйырына жетет, анткени Теңир элдер менен соттошот, Ал ар бир адам менен соттошот, мыйзамсыздарды кылычтын мизине алат“», – дейт Теңир.

32 Себайот Теңир мындай дейт: «Мына, алаамат элден элге өтөт, жер кыйырынан чоң куюн көтөрүлөт».

33 Ошол күнү Теңир өлтүргөн адамдар жердин бир кыйырынан экинчи кыйырына чейин жатат, аларды эч ким жоктоп ыйлабайт, эч ким жыйнабайт, эч ким көмбөйт. Алар жер бетинде кык болушат.

34 Койчулар, боздоп ыйлагыла, онтогула! Үйүр башчылары, башыңарга күл чачкыла. Анткени силердин союла турган, чачыла турган күндөрүңөр келди, кымбат идиштей кулайсыңар.

35 Ошондо койчуларга баш паана, үйүр башчыларына куткарылуу болбойт.

36 Койчулардын ыйы, үйүр башчыларынын өкүрүгү угулуп жатат, анткени Теңир алардын жайыттарын ээн калтырды.

37 Теңирдин катуу каарынан тынч жаткан айыл-кыштактар кыйрап жатат.

38 Теңир арстан сыяктуу Өзүнүн турак жайын калтырды. Алардын жери кыйраткычтын каарынан жана Теңирдин жалындаган каарынан чөлгө айланды.

**26-БӨЛҮМ**

**Жеремиянын жазаланышы**

1 Жүйүт падышасы Жошия уулу Жайакимдин падышачылыгынын башталышында Теңирден мындай сөз болду:

2 «Теңир мындай дейт: “Теңир үйүнүн короосунда туруп алып, Жүйүт аймагынын шаарларынан Теңир үйүндө таазим кылууга келгендердин бардыгына айт деп, Мен сага буйруган баягы сөздөрдүн баарын айт, бир да сөздү кемитпе.

3 Балким, алар угушар, ар бири өзүнүн жаман жолунан бурулар, ошондо Мен алардын жаман иштери үчүн алаамат каптатам деген оюмдан кайтам.

4 Ошон үчүн аларга айт: Теңир мындай дейт: "Эгерде силер Мен берген мыйзам боюнча жүргүңөр келбесе, Менин тилимди албай турган болсоңор,

5 Мен силерге таң заардан жиберген Менин кулдарымдын – пайгамбарларымдын сөздөрүнө кулак салбай турган болсоңор (аларды силер укпай жатасыңар),

6 анда Мен Шилону кандай кылсам, бул үйдү ошондой кылам, бул шаарды болсо жердеги бардык элдерге маскара кылдырам"”».

7 Жеремия бул сөздөрдү Теңир үйүндө айтып жатканда, ыйык кызмат кылуучулар, пайгамбарлар жана бүт эл угуп турушту.

8 Жеремия Теңирдин ага бүт элге айт деп буйруган сөздөрүнүн бардыгын айтып бүткөндө, ыйык кызмат кылуучулар, пайгамбарлар жана бүт эл аны кармап алып: «Сен өлүшүң керек.

9 Эмне үчүн сен Теңирдин атынан пайгамбарчылык кылып: “Бул үй Шилодой болот, бул шаар кыйрап, ээн калат”, – деп айтып жатасың?» – дешти. Бүт эл Жеремияга каршы Теңир үйүнө чогулду.

10 Бул тууралуу Жүйүт төрөлөрү угушканда, алар падыша үйүнөн чыгып, Теңир үйүнө келип, Теңир үйүнүн жаңы дарбазасынын алдына отурушту.

11 Ошондо ыйык кызмат кылуучулар менен пайгамбарлар төрөлөргө жана бүт элге: «Бул адам өлүм жазасына тартылсын, анткени анын бул шаарга каршы пайгамбарчылык кылганын өз кулагыңар менен уктуңар!» – дешти.

12 Ошондо Жеремия бүт төрөлөргө жана бүт элге мындай деди: «Бул үй жөнүндө жана бул шаар жөнүндө силер уккан сөздөрдү пайгамбарчылык кылып айт деп, мени Теңир жиберди.

13 Ошондуктан өз жолуңарды жана кылган иштериңерди оңдогула, Кудай-Теңириңердин үнүн уккула, ошондо Теңир силерге айткан алааматын токтотот.

14 Мен болсо, мына, силердин колуңардамын. Көзүңөргө эмне жакшы, эмне адилеттүү көрүнсө, мага ошону кылгыла.

15 Бирок билип койгула: эгерде силер мени өлтүрсөңөр, анда жазыксыз канды өзүңөрдүн мойнуңарга жана бул шаардын, анын тургундарынын мойнуна жүктөп аласыңар, анткени ушул сөздөрдүн бардыгын силердин кулагыңарга айтыш үчүн, чындыгында, мени Теңир жиберди».

16 Ошондо төрөлөр жана бүт эл ыйык кызмат кылуучулар менен пайгамбарларга: «Бул адамды өлүм жазасына тартканга болбойт, анткени ал бизге Кудай-Теңирибиздин атынан сүйлөдү», – дешти.

17 Ошондой эле бул жердин аксакалдарынын кээ бирөөлөрү ордунан туруп, жыйналган бүт элге кайрылып, мындай дешти:

18 «Жүйүт падышасы Хискиянын тушунда морейшилик Михей пайгамбарчылык кылып, бүт жүйүт элине: “Себайот Теңир мындай дейт: "Сион талаа айдалгандай айдалат, Иерусалим үйүлгөн урандыга айланат, бул үй турган тоо токойлуу дөңсөөгө айланат"”, – деген.

19 Ошон үчүн аны Жүйүт падышасы Хиския менен бүт жүйүт эли өлтүрдү беле? Хиския Теңирден корккон жок беле, Теңирге жалынган жок беле? Ошондо Теңир аларга айткан алааматын токтоткон. Биз болсо өз жаныбызга зор кыянаттык кылганы жатабыз.

20 Ошондой эле кирийат-жаримдик Шемаянын уулу Урий деген адам да Теңирдин атынан пайгамбарчылык кылган, ал бул шаарга жана бул жерге каршы пайгамбарчылык кылып, так эле Жеремия айткан сөздөрдү айткан.

21 Анын сөздөрүн Жайаким падыша төрөлөрү, мырзалары менен укканда, ал аны өлтүргүсү келген. Бул кабарды уккан Урий коркуп, Мисирге качып кеткен.

22 Бирок Жайаким падыша Мисирге да кишилерин жиберген: Акбар уулу Элнатанды жана ага кошуп башка кишилерди жиберген.

23 Алар Урийди Мисирден алып чыгып, Жайаким падышага алып келишкен, ал аны кылычтап өлтүрүп, анын сөөгүн карапайым элдин көрүстөнүнө ыргытып жиберген».

24 Бирок Сапан уулу Акикамдын колу Жеремия тарапта болуп, аны элдин колуна өлтүргөнгө берген жок.

**27-БӨЛҮМ**

**Жеремиянын мойнундагы моюнтурук**

1 Жүйүт падышасы Жошия уулу Жайакимдин падышачылыгынын башталышында Жеремияга Теңирден мына бул сөз болду:

2 Теңир мага мындай деди: «Өзүңө кишен жана моюнтурук жасап, аларды мойнуңа сал.

3 Аларды Иерусалимдеги Жүйүт падышасы Ситкияга келген элчилер аркылуу Эдом падышасына, Маап падышасына, Амон уулдарынын падышасына, Тир падышасына жана Сидон падышасына берип жибер.

4 Анан ал элчилерге өздөрүнүн падышаларына мындай деп айтып баруусун буйру: Ысрайылдын Кудайы, Себайот Теңир, мындай деп айтып жатат: Өз падышаларыңарга мындай деп айткыла:

5 "Мен Өзүмдүн зор кудуретим менен, сунулган билегим менен жерди, жер бетиндеги адамды жана жаныбарларды жараттым, аны Мен кимге кааласам, ошого бердим.

6 Эми бул жерлердин бардыгын Мен Өзүмдүн кулум – Бабыл падышасы Небухаданасардын колуна берип жатам, атүгүл, талаа жырткычтарын да ага кызмат кылууга бердим.

7 Анын жеринин да, өзүнүн да мезгили келгенге чейин, бүт элдер ага, анын уулуна, анын уулунун уулуна кызмат кылышат. Ага көп элдер, улуу падышалар кызмат кылышат.

8 Эгерде кайсы бир эл жана падышачылык ага – Бабыл падышасы Небухаданасарга кызмат кылгысы келбесе, Бабыл падышасынын моюнтуругуна өз мойнун сунбай турган болсо, анда Мен ал элди анын колу менен биротоло жок кылмайынча, кылыч менен, ачарчылык менен, жугуштуу оору менен жазалайм.

9 Силер болсо өзүңөрдүн пайгамбарларыңардын, төлгөчүлөрүңөрдүн, түш көрүүчүлөрүңөрдүн, сыйкырчыларыңардын, жылдыз эсепчилериңердин силерге: "Бабыл падышасына кызмат кылбайсыңар", – деген сөздөрүн укпагыла.

10 Анткени алар силерди өз жериңерден чыгарыш үчүн, Мен силерди кууп жибериш үчүн, силер кырылышыңар үчүн, силерге жалган пайгамбарчылык кылып жатышат.

11 Бабыл падышасынын моюнтуругуна өз мойнун сунуп, ага кызмат кылган элди болсо Мен өз жеринде калтырам, – дейт Теңир, – ал эл ошол жерди иштетип, ошол жерде жашайт"».

12 Жүйүт падышасы Ситкияга да мен ушул сөздөрдүн бардыгын айттым: «Бабыл падышасынын моюнтуругуна өз мойнуңарды сунгула жана ага да, анын элине да кызмат кылгыла, ошондо аман каласыңар.

13 Теңир Бабыл падышасына кызмат кылбаган эл жөнүндө айткандай, сенин жана сенин элиңдин кылычтан, ачарчылыктан жана жугуштуу оорудан кырылышынын эмне кереги бар?

14 “Бабыл падышасына кызмат кылбайсыңар”, – деп айтып жаткан пайгамбарлардын сөздөрүн укпагыла, анткени алар силерге жалган пайгамбарчылык кылып жатышат».

15 «Аларды Мен жиберген эмесмин, – дейт Теңир. – Мен силерди кууп чыгыш үчүн, силер да, силерге пайгамбарчылык кылган пайгамбарлар да кырылышы үчүн, алар силерге Менин атымдан жалган пайгамбарчылык кылып жатышат».

16 Бирок мен ыйык кызмат кылуучуларга жана бул элдин бардыгына мындай деп айткам: «Теңир мындай дейт: Силерге пайгамбарчылык кылып: “Мына, жакында Бабылдан Теңир үйүнүн идиштерин кайра алып келишет”, – деген пайгамбарларыңардын сөздөрүн укпагыла, анткени алар силерге жалган пайгамбарчылык кылып жатышат.

17 Аларды укпагыла, Бабыл падышасына кызмат кылып жашай бергиле. Бул шаарды урандыга айландыруунун эмне кереги бар?

18 Эгерде алар пайгамбарлар болсо, аларда Теңирдин сөзү бар болсо, анда Теңир үйүндө, Жүйүт падышасынын үйүндө жана Иерусалимде калган идиштер Бабылга өтүп кетпеш үчүн, Себайот Теңирдин алдында жалынып жалбарып өтүнүшсүн».

19 Бабыл падышасы Небухаданасар Жүйүт падышасы Жайаким уулу Жайахинди жана жүйүт элинин бүт атактууларын, Иерусалим тургундарын Иерусалимден Бабылга алып кетип бара жатканда албай кеткен

20 мамылар жөнүндө, жез чара жөнүндө, астына койгучтар жөнүндө жана ушул шаарда калган башка буюмдар жөнүндө Себайот Теңир мындай дейт:

21 Теңир үйүндө, Жүйүт падышасынын үйүндө жана Иерусалимде калган идиштер жөнүндө Ысрайылдын Кудайы, Себайот Теңир, мындай дейт:

22 «Алар Бабылга жеткирилет, Мен аларды жазалаганга чейин, алар ошол жерде болот, – дейт Теңир, – ошондон кийин Мен аларды алып чыгып, бул жерге кайра алып келем».

## 28-БӨЛҮМ

### Жеремия менен Ханания

1 Ошол эле жылы, Жүйүт падышасы Ситкиянын падышачылыгынын алгачкы жылдарында, падышачылыгынын төртүнчү жылынын бешинчи айында Гибондон чыккан пайгамбар – Азур уулу Ханания мага Теңир үйүндө, ыйык кызмат кылуучулардын жана бүт элдин көз алдында мындай деди:

2 «Ысрайылдын Кудайы, Себайот Теңир мындай дейт: “Бабыл падышасынын моюнтуругун кыйратам.

3 Эки жылдан кийин Мен бул жерге Бабыл падышасы Небухаданасар бул жерден Бабылга алып кеткен Теңир үйүнүн идиштеринин баарын кайра алып келем.

4 Жүйүт падышасы Жайаким уулу Жайахинди жана Бабылга туткундалып кеткен бүт жүйүт элин бул жерге кайра алып келем, – дейт Теңир. – Анткени Бабыл падышасынын моюнтуругун кыйратам”».

5 Ошондо Жеремия пайгамбар Теңир үйүндө турган ыйык кызмат кылуучулардын көз алдында жана бүт элдин көз алдында Ханания пайгамбарга айтты:

6 Жеремия пайгамбар мындай деди: «Оомийин, Теңир муну ошондой кылсын! Теңир үйүнүн идиштери менен бүт туткундардын Бабылдан бул жерге кайра келиши тууралуу пайгамбарчылык кылып айткан сенин сөздөрүңдү Теңир иш жүзүнө ашырсын!

7 Бирок бул сөздү угуп ал, мен аны сага жана бүт элге угуза айтам:

8 Менден мурунку жана сенден мурунку пайгамбарлар көп жерлерге жана улуу падышачылыктарга согуш, алаамат, жугуштуу оору болорун алдын ала айтып келишкен.

9 Эгерде кайсы бир пайгамбар тынчтык болорун алдын ала айткан болсо, анда ошол пайгамбардын айткан сөзү орундалганда гана аны чыны менен Теңир жиберген пайгамбар деп эсептешкен».

10 Ошондо Ханания пайгамбар Жеремия пайгамбардын мойнунан моюнтурукту чечип алып, талкалап салды.

11 Ханания бүт элдин көз алдында мына бул сөздөрдү айтты: «Теңир мындай дейт: "Эки жылдан кийин бүт элдердин мойнунан Бабыл падышасы Небухаданасар салган моюнтурукту чечип алып, так ушундай кылып талкалайм"». Анан Жеремия өз жолу менен кетти.

12 Ханания пайгамбар Жеремия пайгамбардын мойнундагы моюнтурукту талкалап салгандан кийин, Жеремияга Теңирден мындай сөз болду:

13 «Бар, Хананияга айт: Теңир мындай дейт де: "Сен жыгач моюнтурукту талкалап салдың, эми анын ордуна темир моюнтурук жасайсың".

14 Анткени Ысрайылдын Кудайы, Себайот Теңир, мындай дейт: "Бабыл падышасы Небухаданасарга кызмат кылдырыш үчүн, ушул элдердин баарынын мойнуна темир моюнтурук салам, ошондо алар ага кызмат кылышат, атүгүл, Мен ага талаа жырткычтарын да бердим"».

15 Ошондо Жеремия пайгамбар Ханания пайгамбарга мындай деди: «Кулак сал, Ханания. Сени Теңир жиберген эмес, сен болсо бул элди жалган үмүттөндүрүп жатасың.

16 Ошондуктан Теңир мындай дейт: "Мына, Мен сени жер бетинен жок кылам. Сен ушул эле жылы өлөсүң, анткени сен Теңирге каршы сүйлөдүң"».

17 Ханания пайгамбар ошол эле жылы, жетинчи айда өлдү.

**29-БӨЛҮМ**

**Жеремиянын Бабылда туткунда жүргөндөргө жазган каты**

1 Жеремия пайгамбардын Иерусалимден туткунда жүргөн аксакалдарга, ыйык кызмат кылуучуларга, пайгамбарларга жана Небухаданасар Иерусалимден Бабылга алып кеткен бардык элге жиберген каттагы сөздөрү бул:

2 Ал катты Жайахин падыша менен ханыша, эбнухтар, Жүйүт аймагы менен Иерусалимдин төрөлөрү, жыгач усталар, темир усталар Иерусалимден чыккандан кийин,

3 Жүйүт падышасы Ситкия Бабыл падышасы Небухаданасарга жиберген Сапан уулу Элас жана Хилкия уулу Гемария аркылуу Бабылга жөнөттү:

4 «Ысрайылдын Кудайы, Себайот Теңир, Иерусалимден Бабылга Өзү кетирген бардык туткундарга мындай дейт:

5 "Үйлөрдү куруп, ошол үйлөрдө жашай бергиле, бак-дарак отургузуп, анын жемиштерин жегиле.

6 Аял алып, уул-кыздуу болгула. Уулдарыңарга аял алып бергиле, кыздарыңарды күйөөгө бергиле, алар уул-кыздуу болушсун, ошол жерде көбөйгүлө, кемибегиле.

7 Мен силерди туткундап алып барган шаардын жыргалчылыгы үчүн кам көргүлө, ал үчүн Теңирге сыйынгыла, анткени шаарга жакшы болсо, силерге да тынчтык болот".

8 Анткени Ысрайылдын Кудайы, Себайот Теңир, мындай дейт: "Силерди араңарда жүргөн пайгамбарларыңар менен сыйкырчыларыңар азгырбасын. Силердин түшүңөрдү жоругандарды укпагыла.

9 Алар Менин атымдан силерге жалган пайгамбарчылык кылып жатышат. Аларды Мен жиберген эмесмин", – дейт Теңир.

10 Анткени Теңир мындай дейт: "Силердин Бабылда жашаганыңарга жетимиш жыл болгондо, Мен силерди эстейм, силерди бул жерге кайра алып келиш үчүн, силер тууралуу айткан жакшы сөзүмдү орундатам.

11 Анткени Өзүмдүн силер жөнүндө ойлогон оюмду Өзүм гана билем, – дейт Теңир, – силерге келечек, үмүт бериш үчүн, ал ой – жаман ой эмес, жакшы ой.

12 Силер Мага кайрыласыңар, Мага келесиңер, Мага сыйынасыңар, ошондо Мен силерди угам.

13 Мени издейсиңер, эгерде Мени чын жүрөктөн издесеңер, табасыңар.

14 Мени табасыңар, – дейт Теңир, – силерди туткундан кайра алып келем, Мен силерди кайсы элдердин арасына кууп жиберсем, ошол элдердин арасынан, бардык жерлерден жыйнап, силерди өз жериңерге кайра алып келем", – дейт Теңир.

15 Силер: "Теңир бизге Бабылда да пайгамбарларды берди", – дейсиңер.

16 Дөөттүн тагында отурган падыша жөнүндө, бул шаарда жашаган бүт эл жөнүндө, силер менен кошо туткундалып кетпеген бир туугандарыңар жөнүндө Теңир мындай дейт:

17 Алар тууралуу Себайот Теңир мындай дейт: "Мына, Мен аларга каршы кылыч, ачарчылык жана жугуштуу оору жиберем, аларды жараксыздыгынан улам жегенге болбой турган жаман анжырдай кылам.

18 Кылыч менен, ачарчылык менен, жугуштуу оору менен алардын артынан түшөм, Мен аларды кайсы элдердин арасына кууп жиберсем, ошол элдердин арасында жек көрүндү болот, алар каргышка калат, кыйынчылык көрөт, шылдың болот.

19 Анткени алар Менин сөздөрүмдү укпай коюшту, – дейт Теңир, – ал сөздөрдү Мен аларга Өзүмдүн кулдарым – пайгамбарларым аркылуу айтып турдум, Мен аларга пайгамбарларым аркылуу таң заардан айтып турдум, бирок алар укпай коюшту, – дейт Теңир.

20 Ал эми силер, Мен Иерусалимден Бабылга кетирген туткундардын баары, Теңирдин сөзүн уккула:

21 Менин атымдан силерге жалган пайгамбарчылык кылып жатышкан Колайи уулу Ахап тууралуу, Маасей уулу Ситкия тууралуу Ысрайылдын Кудайы, Себайот Теңир, мындай дейт: Мына, Мен аларды Бабыл падышасы Небухаданасардын колуна салып берем, ал аларды силердин көз алдыңарда өлтүрөт.

22 Ошондо алардан улам Бабылга туткундалып кеткен бардык жүйүттөргө мындай каргыш сөз калат: "Бабыл падышасы Ситкия менен Ахапты кандай өрттөп жиберсе, Теңир сени да ошондой кылсын!"

23 Анткени алар Ысрайылда жийиркеничтүү иштерди жасашты: өз жакындарынын аялдары менен ойноштук кылышты, Менин атымдан Мен буйрубаган жалган сөздөрдү айтышты. Муну Мен билем жана Мен буга күбөмүн", – дейт Теңир.

**Шемаянын жазаланышы**

24 Нехеламдык Шемаяга айт:

25 Ысрайылдын Кудайы, Себайот Теңир, мындай дейт: "Сен өз атыңдан Иерусалимдеги бардык элге, Маасей уулу, ыйык кызмат кылуучу Сепанияга жана бүт ыйык кызмат кылуучуларга кат жиберип, ал катка мындай деп жазыптырсың:

26 "Теңир сени ыйык кызмат кылуучу Жойаттын ордуна ыйык кызмат кылуучу кылып койду, сен Теңир үйүндө ар бир акылсыз адамдын үстүнөн жана өзүн пайгамбар кылып көрсөткөн адамдардын үстүнөн көз салып турган адамдардын арасында болушуң керек. Сен андай адамды зынданга салып, көзөнөк жыгачка отургузушуң керек.

27 Эмне үчүн сен анатоттук Жеремиянын силерге пайгамбарчылык кылуусуна тыюу салбайсың?

28 Анткени ал Бабылдагы бизге да: 'Туткун узакка созулат. Үйлөрдү куруп, ошол үйлөрдө жашагыла, бак-дарак отургузуп, анын жемиштерин жегиле', – деп айттырып жибериптир""».

29 Ыйык кызмат кылуучу Сепания Жеремия пайгамбарга бул катты угуза окуп бергенде,

30 Жеремияга Теңирден сөз болду:

31 «Туткундалып кеткендерге мындай деп айттырып жибер: нехеламдык Шемая жөнүндө Теңир мындай дейт: "Мен аны жибербесем да, пайгамбарчылык кылып, силерди жалган үмүттөндүргөнү үчүн,

32 Теңир мындай дейт: Мына, Мен нехеламдык Шемаяны жана анын тукумун жазага тартам. Анын тукумунан бир да киши бул элдин арасында жашабайт, Мен Өз элиме жасай турган жакшы нерсени ал көрбөйт, – дейт Теңир. – Анткени ал Теңирге каршы сүйлөдү"».

**30-БӨЛҮМ**

**Кудайдын Өз элине берген убадалары**

1 Теңирден Жеремияга болгон сөз:

2 Теңир, Ысрайылдын Кудайы, мындай дейт: «Мен сага айткан сөздөрдүн баарын өзүңө, китепке жазып ал.

3 Анткени мына, күндөр келе жатат, – дейт Теңир, – ошол күндөрү Мен Өз элим Ысрайылды жана Жүйүттү туткундан кайра алып келем, – дейт Теңир. – Аларды ата-бабаларына берген жерге кайрадан алып келем, алар ошол жерге ээ болушат».

4 Мына, Ысрайыл менен Жүйүт тууралуу Теңир айткан сөздөр бул:

5 Теңир мындай деди: «Биз тынчтыктын эмес, дүрбөлөң менен коркунучтун үнүн угуп жатабыз.

6 Сурагыла, ойлонгула: Эркек киши төрөйбү? Анда эмне үчүн Мен ар бир эркектин төрөй турган аялдай болуп, колдору менен курсагын кармап алганын, баарынын өңдөрү кумсарып турганын көрүп турам?

7 Оо, кандай кайгы! Ал күн кандай улуу, андай күн болгон эмес. Ал – Жакып үчүн бактысыздык мезгил, бирок ал андан куткарылат.

8 Ошол күнү, – дейт Себайот Теңир, – анын сенин мойнуңа салган моюнтуругун талкалайм, кишендериңди үзөм. Ошондон кийин алар бөтөн жерликтерге кызмат кылбай калышат.

9 Бирок алар өздөрүнүн Кудай-Теңирине кызмат кылышат, Мен аларга кайра койгон өз падышасы Дөөткө кызмат кылышат.

10 Сен, Менин кулум Жакып, коркпо, – дейт Теңир, – Ысрайыл, үрөйүң учпасын, анткени мына, Мен сени алыскы өлкөдөн куткарам, сенин тукумуңду туткундалып кеткен жеринен куткарам. Жакып кайрылып келип, коопсуз, тынч жашайт, аны эч ким коркутпайт.

11 Анткени сени куткарыш үчүн, Мен сени мененмин, – дейт Теңир, – Мен сени кайсы элдердин арасына чачып жиберсем, ошол элдердин бардыгын таптакыр жок кылам, бирок сени жок кылбайм. Мен сени чеги менен жазалайм, бирок сени жазасыз калтырбайм».

12 Анткени Теңир мындай дейт: «Сенин жараң айыккыс, сенин ооруң катуу.

13 Сенин жараңды сакайтыш үчүн, сенин ишиң жөнүндө эч ким кам көрбөйт. Дартыңа даба жок.

14 Сени досторуңдун баары унутуп коюшту, сени издешпейт, анткени Мен сени көп мыйзамсыз иштериң үчүн душмандарыңдын соккусу менен урдум, катуу жазага тарттым, себеби сенин күнөөлөрүң көбөйүп кетти.

15 Сен эмне үчүн өзүңдүн жарааттарың тууралуу, катуу ооруң тууралуу өкүрүп жатасың? Мен сага муну көп мыйзамсыздыгың үчүн кылдым, анткени сенин күнөөлөрүң көбөйүп кетти.

16 Бирок сени жегендердин бардыгы желет, душмандарыңдын бардыгы өздөрү туткун болушат, сени чапкандардын бардыгы чабылат, сени талап-тоногондордун бардыгын талап-тоноого салып берем.

17 Сени болсо сакайтам, жараатыңдан айыктырам, – дейт Теңир. – "Эч ким сурабаган Сион ушул", – дешип, сени четке кагылган деп аташкан.

18 Теңир мындай дейт: "Туткунга түшкөн Жакыптын чатырларын кайра алып келип, анын айыл-кыштактарына ырайым кылам. Шаар кайрадан өзү турган дөңсөөгө курулат, ийбадаткана мурункудай болуп тургузулат.

19 Алардын даңктоо ырлары, кубанган үндөрү угулат. Мен аларды көбөйтөм, алар кемибейт, аларды даңазалайм, алар кемсинтилбейт.

20 Анын уулдары мурдагыдай болот, анын топ эли Менин алдымда турат, аны эзгендердин баарын жазалайм.

21 Ошондо анын жол башчысы өзүнөн болот, анын башчысы өз ичинен чыгат. Мен аны Өзүмө жакындатам, ал Мага жакын келет, анткени Мага жакындаганга ким өзү батына алат? – дейт Теңир.

22 Ошондо силер Менин элим болосуңар, Мен силердин Кудайыңар болом"».

23 Мына, Теңирден катаал бороон келе жатат, каардуу бороон келе жатат, ал мыйзамсыздардын башына түшөт.

24 Өз жүрөгүнүн ниетин ишке ашырмайынча, аны аткармайынча, Теңирдин жалындаган каары токтобойт. Муну акыркы күндөрдө түшүнөсүңөр.

**31-БӨЛҮМ**

**Ысрайылдын туткундан кайтып келиши**

1 «Ошол мезгилде, – дейт Теңир, – Мен Ысрайылдын бардык урууларынын Кудайы болом, алар болсо Менин элим болушат».

2 Теңир мындай дейт: «Кылычтан аман калган эл чөлдө ырайым тапты. Ысрайылды сооротууга бара жатам».

3 Теңир мага алыстан келип, мындай деди: «Мен сени түбөлүктүү сүйүү менен сүйөм, ошондуктан сага ырайымдуу колумду сундум.

4 Мен сени кайрадан жайгаштырам, сен жайгашасың, Ысрайыл кызы, сен кайрадан өзүңдүн даптарың менен жасалгаланып, шаттанган ырчы-бийчилер тобу менен чыгасың.

5 Кайрадан Самария тоолоруна жүзүмдүк өстүрөсүң. Жүзүмчүлөр өздөрү отургузган жүзүмдүктөрдүн түшүмүн өздөрү пайдаланышат.

6 Анткени Эпрайым тоосундагы сакчылар: “Тургула, Сион тоосуна чыгып, Кудай-Теңирибизге баралы”, – деп жар салган күн келет».

7 Анткени Теңир мындай дейт: «Жакып тууралуу кубанычтуу ырдагыла, эл башчыларынын алдында даңазалагыла: “Теңир, Өз элиңди, Ысрайылдын калдыгын куткар!” – деп айткыла, жар салгыла, даңктагыла.

8 Мына, Мен аларды түндүк жеринен алып келем, аларды жер кыйырынан чогултам. Алардын арасында сокуру да, аксагы да, кош бойлуусу да, жаңы эле төрөгөнү да болот. Бул жерге калың эл кайтып келет.

9 Алар ыйлап кетишкен, Мен болсо аларды сооротуп алып келем. Мен аларды суунун бою менен, мүдүрүлбөй турган түз жол менен алып келем, анткени Мен Ысрайылдын атасымын, Эпрайым Менин тунум.

10 Теңирдин сөзүн уккула, элдер, алыскы аралдарга мындай деп кабарлагыла: “Ысрайылды Ким чачыратып жиберсе, аны Ошол Өзү чогултат, аны койчу өз койлорун кайтаргандай кайтарат”.

11 Анткени Теңир Жакыпты кун төлөп кайрып алат, аны андан күчтүүнүн колунан куткарат.

12 Алар келип, Сиондун бийик жерлеринде кубанып ырдашат. Алар Теңирдин ырайымына, буудайына, шарабына, майына, козуларына жана өгүзүнө агылып келишет. Алардын жаны сугарылган бактай болот, алар мындан ары чарчашпайт.

13 Ошондо кыз топ ырчынын арасында кубанып ырдайт, жаш уландар менен карылар бирге ырдашат, алардын кайгысын кубанычка айлантам, аларды сооротом, кайгыдан кийин кубантам.

14 Ыйык кызмат кылуучуларды курмандык майына тойгузам, Менин элим Менин берекеме тоёт», – дейт Теңир.

**Теңирдин Ысрайылга ырайым кылышы**

15 Теңир мындай дейт: «Рама шаарынан зар какшап, боздоп ыйлагандын үнү угулат. Бул – өзүнүн балдарын жоктоп ыйлаган Рахел. Ал сооронгусу келбей жатат, анткени алар эми жок».

16 Теңир мындай дейт: «Ыйлаганыңды жана көз жашыңды төккөнүңдү токтот, анткени сенин ишиң үчүн сыйлык бар, – дейт Теңир, – алар душман жеринен кайтып келишет.

17 Сенин келечегиң үчүн үмүт бар, – дейт Теңир, – сенин уулдарың өз жерине кайтып келишет.

18 Эпрайымдын ыйлаган үнүн угуп жатам: "Сен мени жазаладың, мен үйрөтүлгүс букачардай жазаландым, мени бур, ошондо мен бурулам, анткени Сен менин Кудай-Теңиримсиң.

19 Сен мени бургандан кийин, өкүндүм, Сен мени эсиме келтиргенден кийин, башымды койгуладым. Мен уятка калдым, маскара болдум, анткени өз жаштыгымдын жаманаттысын көтөрдүм".

20 Эпрайым Менин кымбат уулум эмеспи? Сүйгөн балам эмеспи? Анткени ал жөнүндө сүйлөгөндө, аны дайыма сүйүү менен эскерем. Ал үчүн менин ички дүйнөм сыздайт, ага ырайым көрсөтөм, – дейт Теңир.

21 Өзүңө жол белгилерин коюп ал, өзүңө мамыларды коюп ал, жүрөгүңдү өзүң жүргөн жолго бур. Кайрылып кел, Ысрайыл кызы, өзүңдүн ушул шаарларыңа кайтып кел.

22 Сен качанкыга чейин тентип жүрө бересиң, ишенимсиз кыз? Анткени Теңир жер үстүнө кандайдыр бир жаңы нерсе жаратат: аялы күйөөсүн куткарат».

**Кудай элинин келечектеги жыргалчылыгы**

23 Ысрайылдын Кудайы, Себайот Теңир, мындай дейт: «Мындан ары, Мен алардын туткундарын кайра алып келгенде, Жүйүт жеринде жана анын шаарларында: "Акыйкаттын турагы, ыйык тоо, сага Теңир батасын берсин!" – деген сөздү айтышат.

24 Ошондо ал жерге Жүйүт көчүп келип, бардык шаарлары менен, дыйкандары менен, малдын артынан жүргөндөрү менен отурукташат.

25 Анткени Мен чарчаган жанга суу ичирем, кайгырган ар бир жанды тойгузам».

26 Муну көрүп, мен ойгонуп кеттим, бул түш мага жагымдуу болду.

27 «Мына, күндөр келе жатат, – дейт Теңир, – ошол күндөрү Мен Ысрайыл менен Жүйүткө адам тукумун жана мал тукумун себем.

28 Мен аларды жок кылып жатканда, кыйратып жатканда, талкалап жатканда, кырып жатканда, алаамат каптатып жатканда, кандай байкап турсам, тургузуп жатканда да, отургузуп жатканда да ошондой байкап турам, – дейт Теңир.

29 Ошол күндөрү: "Ата-бабалары кычкыл жүзүм жешти, ал эми балдарынын тиши камалды", – деп айтпай калышат.

30 Бирок ар ким өзүнүн мыйзамсыздыгы үчүн өлөт. Ким быша элек жүзүм жесе, анын тиши камалат.

31 Мына, күндөр келе жатат, – дейт Теңир, – ошол күндөрү Мен Ысрайыл жана Жүйүт менен жаңы келишим түзөм.

32 Бирок бул келишим алардын ата-бабалары менен түзгөн келишимимдей эмес. Мен ал келишимди алардын ата-бабаларын Мисир жеринен алып чыгыш үчүн, аларды колдорунан алган күнү түзгөм. Мен алар менен түзгөн келишимимди бузбасам да, алар Менин ошол келишимимди бузушту, – дейт Теңир.

33 Бирок ошол күндөрдөн кийин Мен Ысрайыл менен мындай келишим түзөм, – дейт Теңир, – Мен Өзүмдүн мыйзамымды алардын ичине салам, аны алардын жүрөктөрүнө жазам, алардын Кудайы болом, алар болсо Менин элим болот.

34 Ошондон кийин алар бири-бирин, бир тууган бир тууганын: "Теңирди таанып билгиле", – деп үйрөтпөй калышат, анткени бардыгы: кичинесинен чоңуна чейин Мени өздөрү таанып билишет, – дейт Теңир. – Анткени Мен алардын мыйзамсыздыктарын кечирем, ошондон кийин алардын кылган күнөөлөрүн эстебейм».

35 Күндүз жарык кылуу үчүн күндү берген, түн ичинде жарык кылуу үчүн ай менен жылдыздарга мыйзам берген, деңизди толкундатып, толкундарды күркүрөткөн Теңир ушундай дейт. Анын ысымы – Себайот Теңир.

36 «Бул мыйзамдар Менин алдымда жок болуп кетпегендей эле, – дейт Теңир, – Ысрайыл тукуму да Менин алдымда дайыма эл болуп турат».

37 Теңир мындай дейт: «Эгерде жогорудагы асман ченелсе, төмөндөгү жердин негиздери изилденсе, анда Мен Ысрайылдын бүт тукумун кылган бардык иштери үчүн четке кагам», – дейт Теңир.

38 «Мына, күндөр келе жатат, – дейт Теңир, – ошол күндөрү шаар Теңирдин даңкына, Кананел мунарасынан тартып бурчтагы дарбазага чейин кайра тургузулат.

39 Жер ченөөчү аркан андан ары түз эле Гареп адырына жетип, Гояны айланып өтөт.

40 Өлүктөр менен күл жаткан өрөөн бүт бойдон, Кидрон өзөнүнө чейинки талаа бүт бойдон, чыгыштагы ат дарбазасынын бурчуна чейинки жерлердин баары Теңирдин ыйык жери болот. Ал түбөлүккө кыйрабайт жана талкаланбайт».

## 32-БӨЛҮМ

### Жеремиянын талаа сатып алышы

1 Жүйүт падышасы Ситкиянын падышачылыгынын онунчу жылында Теңирден Жеремияга болгон сөз. Бул жыл Небухаданасардын падышачылыгынын он сегизинчи жылы эле.

2 Ошол учурда Бабыл падышасынын аскерлери Иерусалимди курчап алышкан, Жеремия пайгамбар Жүйүт падышасынын үйүнүн алдындагы күзөтчүлөрдүн короосунда камалып жаткан.

3 Аны ал жерге Жүйүт падышасы Ситкия мындай деп каматкан: «Эмне үчүн сен пайгамбарчылык кылып, Теңир мындай деп айтып жатат дейсиң: "Мына, Мен бул шаарды Бабыл падышасынын колуна берем, ал аны каратып алат.

4 Жүйүт падышасы Ситкия да каздимдердин колунан качып кутулбайт, ал сөзсүз Бабыл падышасынын колуна берилет, аны менен оозмо-ооз сүйлөшөт, көздөрү анын көздөрүн көрөт.

5 Ал Ситкияны Бабылга алып кетет, Мен аны жазалаганча, ал ошол жерде болот, – дейт Теңир. – Эгерде силер каздимдер менен согушсаңар, анда ийгиликке жетпейсиңер"».

6 Ошондо Жеремия мындай деди: «Мага Теңирден мындай сөз болгон:

7 “Мына, сенин агаң Шалумдун уулу Кананел мындай деп айтканы сага келе жатат: "Анатоттогу менин айдоо жеримди өзүңө сатып ал, анткени тууғандык укук боюнча аны сен сатып алышың керек"”.

8 Теңирдин сөзү боюнча агамдын уулу Кананел сакчылар турган короого келип, мага мындай деди: “Бенжемин жериндеги Анатоттогу менин айдоо жеримди сатып ал, анткени сенин мураска ээ боло турган укугуң бар жана кунун төлөп кайтарып алууга да укугуң бар, аны өзүңө сатып ал”. Ошондо мен бул Теңирдин сөзү экенин билдим.

9 Ошентип, мен Анатоттогу агамдын уулу Кананелден айдоо жер сатып алдым, ага жети шекел күмүш жана он күмүш тыйын тартып бердим.

10 Муну китепке жазып, мөөр басып койдум, күбөлөрдү чакырып, күмүштөрдү таразага тартып бердим.

11 Мен мыйзам боюнча жана жобо боюнча мөөр басылган, ошондой эле мөөр басылбаган сатып алуу кагазын алдым.

12 Анан бул сатып алуу кагазын агамдын уулу Кананелдин көз алдында, ушул сатып алуу кагазына кол койгон күбөлөрдүн көз алдында, сакчылардын короосунда отурган бардык жүйүттөрдүн көз алдында Махсея уулу, Нери уулу Барухка бердим.

13 Алардын көз алдында Барухка тапшырып жатып, мындай дедим:

14 “Ысрайылдын Кудайы, Себайот Теңир, мындай дейт: "Мына бул жазууларды – мөөр басылган сатып алуу кагазын да, мөөр басылбаган сатып алуу кагазын да ал, аларды чопо идишке салып кой, алар ошол идиште көп жылдарга сакталып турсун"”.

15 Анткени Ысрайылдын Кудайы, Себайот Теңир, мындай дейт: “Бул жердеги үйлөр, айдоо жерлер жана жүзүм бактары кайрадан сатылып алынат”.

**Жеремиянын сыйынуусу**

16 Сатып алуу кагазын Нейрия уулу Барухка бергенден кийин, Теңирге сыйындым:

17 “Оо Кудай-Теңир! Сен асман менен жерди сунулган колуң, күчтүү билегиң менен жаратkансың. Сен үчүн кыйын эч нерсе жок.

18 Сен миңинчи тукумга чейин ырайым кыласың, ата-бабаларынын мыйзамсыздыгы үчүн алардан кийин төрөлгөн балдарын түбүнө жете жазалайсың, ысымы Себайот Теңир болгон улуу, кудуреттүү Кудай!

19 Сен кеңешиң менен улуусуң, иштериң менен кудуреттүүсүң, ар бир адамга жолдоруна жана иштеринин жемиштерине жараша тиешесин бериш үчүн, адам баласынын бүт жолдоруна Сенин көздөрүң ачык.

20 Сен Мисир жеринде кереметтерди жана жышаандарды көрсөттүң, Сен аларды Ысрайылда жана бүт адамдар арасында бүгүнкү күнгө чейин көрсөтүп келе жатасың. Ошентип, бүгүнкү күнү белгилүү болуп тургандай, Сен Өзүңө ысым жасадың.

21 Сен Өз элиң Ысрайылды Мисир жеринен жышаандар менен, кереметтер менен, сунулган колуң, күчтүү билегиң менен, зор коркунуч астында алып чыктың.

22 Сен алардын ата-бабаларына берем деп ант берген бал менен сүт аккан жерди аларга бердиң.

23 Алар келип, ал жерди ээлеп алышты, бирок Сенин үнүңдү угушкан жок, Сенин мыйзамың менен жүрүшкөн жок, аткарышсын деп осуяттаган нерселериңди аткарышкан жок. Мына ошон үчүн Сен аларга ушул алааматтын баарын каптаттың.

24 Мына, аскерлер шаарды басып алыш үчүн, кырдалган топурак менен кирип келишти. Кылычтан, ачарчылыктан, жугуштуу оорудан жапа чеккен шаар өзү менен согушуп жаткан каздимдердин колуна берилип жатат. Сен эмне айткан болсоң, ал орундалып жатат. Мына, Сен аны көрүп турасың.

25 Сен болсо, Кудай-Теңирим, шаар каздимдердин колуна берилип жатканына карабастан, мага: "Күмүшкө өзүңө айдоо жер сатып ал, күбөлөрдү чакыр", – дедиң"».

**Теңирдин жообу**

26 Ошондо Жеремияга Теңирден сөз болду:

27 «Мен ар бир адамдын Кудай-Теңиримин. Мен үчүн кыйын нерсе барбы?»

28 Ошондуктан Теңир мындай дейт: «Мына, Мен бул шаарды каздимдердин жана Бабыл падышасы Небухаданасардын колуна салып берип жатам, ал аны каратып алат.

29 Ошондо бул шаарды курчап алган каздимдер шаарга кирип, аны өрттөшөт. Шаарды жана үйлөрдү өрттөшөт. Ал үйлөрдүн чатырында Мени каардантыш үчүн, Баалга арнап жыпар жыттуу заттар түтөтүлгөн жана бөтөн элдин кудайларына арналып куюлуучу курмандыктар куюлган.

30 Анткени Ысрайыл уулдары менен Жүйүт уулдары Менин көз алдымда жаш күнүнөн баштап жамандык гана кылып келишкен. Ысрайыл уулдары өз колдору менен жасаган нерселери менен Мени каардантып гана келишти, – дейт Теңир.

31 Бул шаар өзүнүн курулган күнүнөн тартып бүгүнкү күнгө чейин Менин каарым үчүн, ачуум үчүн жашап келе жаткандай, ошондуктан Мен аны Өзүмдүн жүзүмдөн четке кагам.

32 Мен аны Ысрайыл уулдары менен Жүйүт уулдарынын: алардын падышаларынын, төрөлөрүнүн, ыйык кызмат кылуучуларынын, пайгамбарларынын, Жүйүттүн эркектери менен Иерусалим тургундарынын Мени каардантыш үчүн жасаган бардык кыянат иштери үчүн четке кагам.

33 Алар Мага жүзүн бурбастан, аркасын салышты. Мен аларды үйрөткөм, таң заардан үйрөткөм, бирок алар Менин акыл-насаатымды кабыл алгылары келген жок.

34 Алар Менин ысымым менен аталган үйгө өздөрүнүн жийиркеничтүү нерселерин коюп, аны булгашты.

35 Молохтун урматына өздөрүнүн уулдары менен кыздарын отко өрттөш үчүн, алар Ином уулдарынын өрөөнүндө Баалга арнап буткана орнотушту. Мен аларга аны буйруган эмесмин. Жүйүттү күнөөгө батырыш үчүн, алар ушундай жийиркеничтүү иштерди кылат деп Мен ойлогон эмесмин».

36 Силер бул шаар тууралуу: «Бул шаар Бабыл падышасынын колуна кылыч менен, ачкачылык менен, жугуштуу оору менен салынып берилет», – деп жатасыңар. Бирок Ысрайылдын Кудай-Теңири азыр мындай дейт:

37 «Мен аларды каарданып турганымда, ачууланып турганымда, аябай жаалданып турганымда кайсы өлкөлөргө чачыратып жиберсем, ошол өлкөлөрдөн кайрадан чогултуп, бул жерге алып келип, коопсуз жашоо берем.

38 Алар Менин элим болушат, Мен болсо алардын Кудайы болом.

39 Өздөрүнө жакшы болсун деп жана өздөрүнөн кийинки балдарына жакшы болсун деп, өмүрү өткөнчө Менден коркуп жүрүшсүн деп, аларга бир жүрөк, бир жол берем.

40 Мен алар менен түбөлүк келишим түзөм. Ал түбөлүк келишим боюнча Мен алардан баш тартпайм, аларга ырайым кылам. Алар Менден четтебеши үчүн, алардын жүрөгүнө Менден коркуу сезимин салам.

41 Аларга ырайым кылганыма кубанам, аларды бул жерге чын жүрөгүм менен, жан-дилим менен бекем отургузам».

42 Анткени Теңир мындай дейт: «Мен бул элге ушул чоң алааматты кандай каптатсам, алар жөнүндө Өзүм айткан бүт жакшылыкты ошондой каптатам.

43 Ошондо силер: "Бул жер – элсиз, малсыз эрме чөл. Ал каздимдердин колуна берилген", – деп айткан бул жердин айдоо талааларын сатып алышат.

44 Бенжемин жериндеги, Иерусалимдин айланасындагы, Жүйүт шаарларындагы, тоолордун үстүндөгү шаарлардагы, түздүктөгү шаарлардагы, түштүктөгү шаарлардагы талааларды күмүшкө сатып алып, кагазга жазып, мөөр басып, күбөлөрдү чакырышат, анткени алардын туткундарын кайра алып келем», – дейт Теңир.

## 33-БӨЛҮМ

### Ысрайылга берилген убада

1 Жеремия дагы эле сакчылардын короосунда камакта жатканда, Теңирден ага экинчи ирет сөз болду:

2 Ысымы Теңир болгон, жерди жараткан Теңир, аны орноткон жана бекемдеген Теңир мындай дейт:

3 «Мени чакыр, ошондо Мен сага жооп берем, Мен сага сен билбеген улуу жана кол жеткис нерсени көрсөтөм.

4 Анткени Ысрайылдын Кудай-Теңири согуш үчүн, жал үйүш үчүн талкаланып жаткан бул шаардын үйлөрү жөнүндө, Жүйүт падышаларынын үйлөрү жөнүндө мындай дейт:

5 Үйлөрдү каздимдер менен согушууга келгендер талкалашат, Мен каарданып жатканымда, ачууланып жатканымда, үйлөрдү адамдардын өлүктөрүнө толтурам. Мен алардын мыйзамсыздыктары үчүн бул шаардан Өз жүзүмдү жашырдым.

6 Мен аны дарылап айыктырам, куткарам, сакайтам, аларга мол тынчтыкты жана чындыкты ачып берем.

7 Мен Жүйүт туткундары менен Ысрайыл туткундарын кайра алып келип, аларды баштагыдай кылып орноштурам.

8 Аларды Менин алдымда кылган бардык күнөөлөрүнөн тазалайм, алардын Мага каршы чыгып, Менин алдымда кылган бардык күнөөлөрүн кечирем.

9 Ошондо Иерусалим Мен үчүн жер жүзүндөгү бардык элдердин алдында кубанычтуу ысым, даңк жана сыймык болот, элдер Менин ага көрсөткөн ырайымым жөнүндө, Менин ага кылган жакшы иштерим жөнүндө, ага берген жакшы күндөрүм жөнүндө угуп, таң калып титирешет».

10 Теңир мындай дейт: «Силер: “Бул жер – элсиз жана малсыз ээн жер”, – деп айткан жерде, Жүйүт шаарларында жана элсиз, малсыз ээн калган Иерусалимдин көчөлөрүндө

11 кайрадан кубанычтын жана шаттыктын, күйөөнүн жана колуктунун, ошондой эле “Себайот Теңирди даңктагыла, анткени Теңир жакшы, анткени Анын ырайымы түбөлүк” дегендердин үнү угулат. Теңир үйүндө ыраазычылык курмандыгын чалгандардын үнү угулат, анткени Мен бул жердин туткундалып кеткендерин кайра мурунку абалына келтирем», – дейт Теңир.

12 Себайот Теңир мындай дейт: «Элсиз, малсыз ээн калган бул жерде жана анын бардык шаарларында кайрадан койлорун жуушаткан койчулардын турак жайлары болот.

13 Тоодогу шаарларда, түздүктөгү шаарларда, түштүктөгү шаарларда, Бенжемин жеринде, Иерусалимдин айланасында жана Жүйүт шаарларында койлор кайрадан кой саноочунун кол астынан өтөт, – дейт Теңир.

14 Күндөр келе жатат, – дейт Теңир, – ошол күндөрү Мен Ысрайыл менен Жүйүт жөнүндө айткан ошол жакшы сөзүмдү орундатам.

15 Ошол күндөрдө, ошол мезгилде Дөөткө адилеттүү Бутак өстүрүп чыгарам, Ал жер үстүндө акыйкаттык жана адилеттүүлүк орнотот.

16 Ошол күндөрдө Жүйүт куткарылат, Иерусалим коопсуз жашайт, ага “Теңир биздин адилеттигибиз” деген ат коюшат».

17 Анткени Теңир мындай дейт: «Дөөт тукумунан Ысрайылдын тагында отурган адам үзүлбөйт.

18 Ыйык кызмат кылуучу лебилерден Менин алдымда өмүрү өткөнчө бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык чалган, курмандыктарды өрттөгөн жана башка курмандыктарды чалган адам үзүлбөйт».

19 Жеремияга Теңирден сөз болду:

20 Теңир мындай дейт: «Силер күн менен түн өз мезгилинде болбошу үчүн, күн жөнүндө жана түн жөнүндө түзгөн Менин мыйзамымды буза албагандай эле,

21 Дөөттүн тагында падышачылык кылган уулу болбошу үчүн, Менин кулум Дөөт менен түзгөн келишимимди, Менин кызматчыларым болгон ыйык кызмат кылуучулар – лебилер менен түзгөн келишимимди да буза албайсыңар.

22 Асман кошуундары кандай сансыз болсо, деңиз куму кандай ченелгис болсо, Менин кулум Дөөттүн тукумун жана Мага кызмат кылган лебилерди так ошондой кылып көбөйтөм».

23 Жеремияга Теңирден сөз болду:

24 «Бул элдин: “Теңир Өзү тандап алган бул эки урууну Өзү четке какты”, – деп айтып жатканын көрбөй турасыңбы? Ошон үчүн Менин элим алар үчүн эл болуудан калгандай, аны жек көрүп жатышат».

25 Теңир мындай дейт: «Күн жөнүндө, түн жөнүндө түзгөн Өзүмдүн келишимимди жана асман менен жердин Мен койгон мыйзамын бузууга мүмкүн болбогон сыяктуу,

26 Ыбрайымдын, Ыскактын, Жакыптын тукумуна мындан ары Дөөттүн тукумунан падыша койбош үчүн, Жакыптын жана Өзүмдүн кулум Дөөттүн тукумун четке кагышым да мүмкүн эмес. Анткени алардын туткундарын кайра алып келип, аларга ырайым кылам».

**34-БӨЛҮМ**

**Ситкияга айтылган пайгамбарчылык**

1 Бабыл падышасы Небухаданасар, анын бүт аскерлери жана жер үстүндө анын кол астында турган бардык падышачылыктар, бардык элдер Иерусалимдин жана Жүйүттүн бардык шаарларынынын тургундары менен согушуп жатканда, Жеремияга Теңирден болгон сөз:

2 Ысрайылдын Кудай-Теңири мындай дейт: «Бар, Жүйүт падышасы Ситкияга мындай деп айт: Теңир мындай дейт: "Мына, Мен бул шаарды Бабыл падышасынын колуна салып берип жатам, ал аны өрттөп жиберет.

3 Сен анын колунан кутулбайсың, сөзсүз колго түшөсүң, анын колуна салынып берилесиң, сен Бабыл падышасын өз көзүң менен көрөсүң, аны менен оозмо-ооз сүйлөшөсүң, анан Бабылга кетесиң".

4 Ошондой болсо да, Жүйүт падышасы Ситкия, Теңирдин сөзүн ук! Сен тууралуу Теңир мындай дейт: "Сен кылычтан өлбөйсүң.

5 Сен тынчтыкта өлөсүң, сага чейин падышачылык кылган мурунку падышалар – сенин ата-бабаларың үчүн жыпар жыттуу зат түтөтүшкөндөй эле, сен үчүн да жыпар жыттуу зат түтөтүп, сени: "Оо, кайран падышам", – деп жоктоп ыйлашат, анткени бул сөздү Мен айтып жатам"», – дейт Теңир.

6 Жеремия пайгамбар бул сөздөрдүн баарын Жүйүт падышасы Ситкияга Иерусалимде айтып берди.

7 Бул арада Бабыл падышасынын аскерлери Иерусалимдин жана Жүйүттүн калган бардык шаарларынын тургундары менен, Лакиш жана Азейканын тургундары менен согушуп жатты. Анткени Жүйүт шаарларынын ичинен, чептүү шаарлар катары, ушул шаарлар гана калган эле.

**Кулдарды эркиндикке чыгаруу жөнүндөгү келишимдин бузулушу**

8 Ситкия падыша Иерусалимде жашаган бүт эл менен келишим түзгөндөн кийин, Жеремияга Теңирден сөз болду. Ал келишим мындай эле: Эркиндик жарыялансын,

9 ар бир адам өзүнүн эврей кулун, өзүнүн эврей күңүн эркиндикке чыгарсын, алардын эч кимиси өз бир тууганын – жүйүттү кулдукта кармабасын.

10 Ошондо келишимге кирген бардык төрөлөр менен бардык эл ар бир кулду жана ар бир күңдү эркиндикке чыгарганга, мындан ары аларды кулдукта кармабаганга макул болушту. Ошентип, алар макул болушуп, аларды коё беришти.

11 Бирок ошондон кийин алар оюн өзгөртүшүп, эркиндикке чыгарган кулдары менен күңдөрүн кайра алышып, аларды кайрадан кул жана күң болууга мажбур кылышты.

12 Ошондо Жеремияга Теңирден сөз болду:

13 Ысрайылдын Кудай-Теңири мындай дейт: «Мен силердин ата-бабаларыңарды Мисир жеринен, кулчулуктун үйүнөн алып чыкканда, алар менен мындай деп келишим түзгөм:

14 "Жетинчи жылдын аягында сага өзүн өзү саткан эврей бир тууганыңды боштондукка чыгар. Ал сага алты жыл кызмат кылсын, анан аны эркиндикке чыгар". Бирок силердин ата-бабаларыңар Менин тилимди алышкан жок, Мага кулак төшөшкөн жок.

15 Азыр силер кайрылып, Менин көз алдымда адилеттик кылдыңар, ар бириңер өз жакыныңарга азаттык жарыяладыңар, Менин ысымым менен аталган үйдө, Менин алдымда келишим түздүңөр.

16 Бирок андан кийин силер оюңарды өзгөртүп, Менин ысымымды булгадыңар, кайда барууну каалаcа, ошол жакка барсын деп, азаттыкка чыгарган кулдарыңарды, күңдөрүңөрдү кайра алып келип, аларды кул болууга жана күң болууга мажбурлап жатасыңар».

17 Ошондуктан Теңир мындай дейт: «Силер Менин ар бир адам өз бир тууганына жана өз жакынына азаттык жарыяласын деген сөзүмдү укпай койдуңар. Мына ошон үчүн Мен, – дейт Теңир, – силерге каршы кылычка, жугуштуу ооруга, ачарчылыкка эркиндик жарыялайм. Силерди жер жүзүнүн бардык падышачылыктарынын үрөйүн учурган коркунучка айландырам.

18 Бир букачарды экиге бөлүп, ошонун ортосунан өтүп, Менин алдымда өздөрү түзгөн Менин келишимимдин сөздөрүн аткарбай, Менин келишимимди бузган

19 Жүйүт төрөлөрү менен Иерусалим төрөлөрүн, эбнухтарды, ыйык кызмат кылуучуларды жана экиге бөлүнгөн букачардын ортосунан өткөн бул жердин бүт элин

20 өздөрүнүн душмандарынын колуна, аларды өлтүргүсү келгендердин колуна салып берем. Ошондо алардын өлүктөрү асман канаттуулары менен жерде жашаган жырткычтарга азык болот.

21 Жүйүт падышасы Ситкияны жана анын төрөлөрүн өздөрүнүн душмандарынын колуна, аларды өлтүргүсү келгендердин колуна жана силерден чегинген Бабыл падышасынын аскерлеринин колуна салып берем.

22 Мына, Мен буйрук берем, – дейт Теңир, – аларды бул шаарга кайра алып келем, ошондо алар бул шаарга кол салып, аны каратып алып, өрттөп жиберишет. Ошентип, Мен Жүйүт аймагынын шаарларын эл жашабаган чөлгө айлантам».

**35-БӨЛҮМ**

**Жеремия жана Рейхап тукуму**

1 Жүйүт падышасы Жошия уулу Жайакимдин тушунда Жеремияга Теңирден болгон сөз:

2 «Рейхап тукумуна бар, алар менен сүйлөш, аларды Теңир үйүнө, бөлмөлөрдүн бирине алып кел, анан аларга шарап бер».

3 Ошондо мен Хабатсиниянын уулу болгон Жеремиянын уулу Жазанияны жана анын бир туугандарын, уулдарын жана бүт Рейхап тукумун алып чыгып,

4 аларды Теңир үйүнө, Кудайдын кишиси, Игдалия уулу Ханандын уулдарынын бөлмөсүнө алып келдим. Ал бөлмө эшиктин алдында турган сакчы – Шалум уулу Маасейдин бөлмөсүнүн үстүндөгү төрөлөрдүн бөлмөсүнүн жанында эле.

5 Анан Рейхап тукумунун алдына шарапка толгон чөйчөктөр менен кеселерди коюп, аларга: «Шарап ичкиле», – дедим.

6 Бирок алар: «Биз шарап ичпейбиз, анткени биздин атабыз Рейхаптын уулу Жонадап бизге мындай буйрук берген: “Силер да, балдарыңар да кылымдар бою шарап ичпегиле.

7 Үй курбагыла, үрөн сеппегиле, жүзүмзар отургузбагыла, силерде жүзүмзарлар болбосун, бирок жер кезип жүргөн жерде узак убакыт жашаш үчүн, өмүр бою чатырларда жашагыла”.

8 Биз атабыз Рейхаптын уулу Жонадап эмнени буйрук кылса, ошонун баарын аткарып жатабыз. Ал бизге: “Өмүрүңөр өткөнчө шарап ичпегиле, аялдарыңар да, уулдарыңар да, кыздарыңар да ичпесин,

9 жашаганга үй курбагыла”, – деген. Ошон үчүн биздин жүзүмзарыбыз да, талаабыз да, айдоо жерибиз да жок.

10 Чатырларда жашап, атабыз Жонадап бизге эмне буйруса, ошонун бардыгына тил алып, аткарып жатабыз.

11 Бабыл падышасы Небухаданасар бул жерге кирип келгенде, биз: “Жүргүлө, каздимдердин аскерлеринен жана арамейликтердин аскерлеринен качалы, Иерусалимге баралы”, – дедик, ошондуктан мына, биз Иерусалимде жашап жатабыз», – дешти.

12 Ошондо Жеремияга Теңирден сөз болду:

13 Ысрайылдын Кудайы, Себайот Теңир, мындай дейт: «Бар, Жүйүт эркектери менен Иерусалим тургундарына айт: “Кантип эле силер ушундан Менин сөзүмө тил алыш үчүн, өзүңөргө акыл-насаат алган жоксуңар?” – дейт Теңир.

14 Рейхап уулу Жонадаптын өз уулдарына шарап ичпегиле деп буйрук кылып айткан сөзү аткарылып жатат. Алар ушул күнгө чейин шарап ичишпейт, анткени өз атасынын буйругуна тил алышат. Мен болсо силерге тынымсыз айтып келе жатам, Мен силерге таң заардан айтып келе жатам, бирок силер Мени укпай койдуңар.

15 Мен силерге Өзүмдүн бүт кулдарымды – пайгамбарларымды жиберип турдум, Мен аларды таң заардан жиберип турдум. Аларды жиберип: “Ар бириңер өзүңөрдүн жаман жолуңардан бурулгула, жүрүм-турумуңарды оңдогула, башка кудайлардын артынан түшпөгүлө, аларга кызмат кылбагыла, ошондо Мен силерге жана силердин ата-бабаларыңарга берген ушул жерде жашайсыңар”, – деп айткам, бирок силер кулак салбай койдуңар, Менин тилимди албай койдуңар.

16 Рейхаптын уулу Жонадаптын уулдары атасынын берген буйругун аткарып жатышат, бул эл болсо Мени укпай жатат.

17 Ошондуктан Ысрайылдын Кудайы, Себайот Теңир, мындай дейт: Мына, Мен Жүйүт аймагына жана Иерусалимдин бүт тургундарына каршы Өзүм айткан бардык алааматты каптатам, анткени Мен аларга айттым, бирок алар укпай коюшту, аларды чакырдым, бирок алар жооп бербей коюшту».

18 Ал эми Рейхап тукумуна Жеремия мындай деди: «Ысрайылдын Кудайы, Себайот Теңир, мындай дейт: “Атаңар Жонадаптын буйругуна тил алганыңар үчүн, анын бардык осуяттарын сактап, бардыгын ал айткандай аткарып жатканыңар үчүн

19 Ысрайылдын Кудайы, Себайот Теңир, мындай дейт: Рейхаптын уулу Жонадаптын тукумунан Менин алдымда турган адам үзүлбөйт”».

**36-БӨЛҮМ**

**Барухтун ийбадатканада Жеремиянын пайгамбарчылыктарын окуп бериши**

1 Жүйүт падышасы Жошия уулу Жайакимдин падышачылыгынын төртүнчү жылында Жеремияга Теңирден мындай сөз болду:

2 «Өзүңө түрмөк китеп ал, ага Мен сага сүйлөй баштаган күндөн тартып, Жошиянын күндөрүнөн тартып бүгүнкү күнгө чейин Менин Ысрайыл жөнүндөгү, Жүйүт жөнүндөгү, бардык элдер жөнүндөгү айткан сөздөрүмдүн бардыгын жаз.

3 Балким, Жүйүт Менин аларга жасайм деп ойлогон бардык алааматтарым жөнүндө угуп, өзүнүн жаман жолунан бурулар. Ошондо Мен алардын айыбы менен күнөөсүн кечирем».

4 Ошондо Жеремия Нейриянын уулу Барухту чакырды, Барух Теңирдин Жеремияга айткан сөздөрүнүн бардыгын Жеремиянын өз оозунан түрмөк китепке жазды.

5 Анан Жеремия Барухка мындай деп буйрук берди: «Мен камактамын, Теңир үйүнө бара албайм.

6 Ошондуктан сен барып, түрмөк китепке менин оозумдан жазып алган Теңирдин сөздөрүн орозо күнү, Теңир үйүндө элге угуза окуп бер. Ошондой эле аны өз шаарларынан келген бүт жүйүт элине угуза окуп бер.

7 Балким, алар Теңирдин алдында моюн сунуу менен сыйынып, өздөрүнүн жаман жолунан бурулушар, анткени Теңирдин бул элге каршы жар салып айткан каары менен жаалы өтө катуу».

8 Нейрия уулу Барух түрмөк китепте жазылган Теңирдин сөздөрүн Теңир үйүндө окуп берип, Жеремия ага эмне буйрук кылса, ошонун баарын аткарды.

9 Жүйүт падышасы Жошия уулу Жайакимдин падышачылыгынын бешинчи жылынын тогузунчу айында Иерусалимдеги бүт элге жана Жүйүт шаарларынан Иерусалимге келген бардык элге Теңирдин алдында орозо жарыялашты.

10 Ошондо Барух түрмөк китепте жазылган Жеремиянын сөздөрүн Теңир үйүндө, катчы Сапан уулу Гемариянын бөлмөсүндө, Теңир үйүнүн жаңы дарбазасынын кире беришинде, үстүнкү короодо бүт элге угуза окуп берди.

**Пайгамбарчылыктарды төрөлөргө окуп берүү**

11 Сапан уулу, Гемария уулу Михей түрмөк китепте жазылган Теңирдин сөздөрүнүн баарын укту.

12 Анан ал падышанын үйүнө, падыша катчысынын бөлмөсүнө түшүп келди, ал жерде бардык төрөлөр отурушкан: падышанын катчысы Элишама, Шемая уулу Делая, Акбар уулу Элнатан, Сапан уулу Гемария, Ханания уулу Ситкия жана бардык төрөлөр.

13 Михей аларга Барух түрмөк китепти элге угуза окуп жатканда уккан сөздөрүнүн баарын айтып берди.

14 Ошондо төрөлөрдүн баары Барухка Кушинин уулу, Шелемиянын уулу, Натанийдин уулу Жейудини: «Сен элге угуза окуп берген түрмөк китепти колуңа алып, бизге кел», – деп айттырганы жиберишти. Ошондо Нейриянын уулу Барух түрмөк китебин колуна алып, аларга келди.

15 Алар ага: «Отур, бизге угуза окуп бер», – дешти. Ошондо Барух аларга угуза окуп берди.

16 Алар бүт сөздөрдү угуп бүткөндөн кийин, үрөйлөрү учуп бири-бирин карашты жана Барухка: «Биз бул сөздөрдүн баарын падышага сөзсүз айтып беребиз», – дешти.

17 Анан Барухтан: «Бизге айтчы деги, сен бул сөздөрдүн бардыгын анын оозунан кантип жазып алдың?» – деп сурашты.

18 Барух аларга: «Ал бул сөздөрдүн баарын мага өз оозу менен айтты, мен болсо аларды сыя менен бул түрмөк китепке жаздым», – деп жооп берди.

19 Ошондо төрөлөр Барухка: «Баргын, силердин кайда экениңерди эч ким билбеш үчүн, Жеремия да, сен да жашынгыла», – дешти.

**Пайгамбарчылык жазылган түрмөк китептин өрттөлүшү**

20 Анан алар ак сарайдагы падышага жөнөштү, түрмөк китепти болсо падышанын катчысы Элишаманын бөлмөсүнө калтырышты. Алар бул сөздөрдүн баарын падышага угуза айтып беришти.

21 Падыша түрмөк китепти алып келүүгө Жейудини жиберди. Жейуди аны падышанын катчысы Элишаманын бөлмөсүнөн алып, падышага жана анын жанында турган бардык төрөлөргө угуза окуп берди.

22 Падыша ошол учурда, тогузунчу айда өзүнүн кышкы үйүндө отурган эле, анын алдында меш күйүп турган.

23 Жейуди үч-төрт тилке окугандан кийин, падыша аларды кагаз кескен маки менен кесип алып, отко таштай берди. Түрмөк китеп бүт бойдон мештеги отто күйүп бүткүчө ошентти.

24 Бул сөздөрдүн баарын уккан падыша да, анын бүт кызматчылары да коркушкан жок, кийимдерин айрышкан жок.

25 Элнатан, Делая жана Гемария падышадан китепти өрттөбөөнү өтүнүштү, бирок падыша алардын тилин алган жок.

26 Падыша падышанын уулу Жерехмейелге, Азриелдин уулу Сераяга жана Абдейелдин уулу Шелемияга Барух катчыны жана Жеремия пайгамбарды камакка алууну буйрук кылды. Бирок Теңир аларды жашырып койду.

**Жеремиянын башка түрмөк китепти жазышы**

27 Жеремиянын оозунан Барух жазып алган түрмөк китепти падыша өрттөп салгандан кийин, Жеремияга Теңирден сөз болуп, ага мындай деп айтылды:

28 «Өзүңө кайра башка түрмөк китеп ал, ага Жүйүт падышасы Жайаким өрттөгөн биринчи китепте жазылган мурунку сөздөрдүн баарын жаз.

29 Жүйүт падышасы Жайакимге болсо мындай деп айт: Теңир мындай дейт де: “Сен бул түрмөк китепти: "Бабыл падышасы сөзсүз келет, бул жерди талкалайт, андагы адамдар менен малдарды кырып жок кылат" деген сөздөрдү бул китепке эмне үчүн жаздың? – деп, өрттөп жибердиң.

30 Ошон үчүн Жүйүт падышасы Жайаким тууралуу Теңир мындай дейт: Анын тукумунан Дөөттүн тагына отурган адам болбойт, анын өлүгү күндүзгү аптапка, түнкү суукка ыргытылып ташталат.

31 Мен аны да, анын тукумун да, анын кызматчыларын да кылган жаман иштери үчүн жазалайм, Мен аларга, Иерусалимдин тургундарына жана Жүйүттүн адамдарына Өзүм айткан, бирок алар укпай койгон алааматтардын баарын каптатам”».

32 Ошондо Жеремия башка түрмөк китепти алып, Нейрия уулу Барух катчыга берди. Барух ага Жеремиянын оозунан Жүйүт падышасы Жайаким өрттөп жиберген китептеги сөздөрдүн баарын жазып алды. Ал сөздөргө мурунку сөздөргө окшогон сөздөр дагы кошумчаланды.

**37-БӨЛҮМ**

**Жеремиянын Ситкия падышага берген жообу**

1 Жайаким уулу Жайахиндин ордуна Жошия уулу Ситкия падышачылык кылып турган, аны Бабыл падышасы Небухаданасар Жүйүт жерине падыша кылып койгон.

2 Теңирдин Жеремия пайгамбар аркылуу айткан сөзүн ал да, анын кызматчылары да, өлкөнүн эли да уккан эмес.

3 Ситкия падыша Шелемиянын уулу Жейухалды, ыйык кызмат кылуучу Маасей уулу Сепанияны Жеремия пайгамбарга: «Биз үчүн Кудай-Теңирибизге сыйын», – деп айттырыш үчүн жиберди.

4 Жеремия ошол учурда элдин арасына эркин кирип, эркин чыгып жүргөн, анткени аны зынданга камаша элек болчу.

5 Ошол арада фараондун аскерлери Мисирден чыгышты, Иерусалимди курчап турган каздимдер ал жөнүндө кабар угушуп, Иерусалимден артка чегинип кетишти.

6 Ошондо Жеремия пайгамбарга Теңирден сөз болду:

7 Ысрайылдын Кудай-Теңири мындай дейт: «Менин эркимди сураш үчүн жиберген Жүйүт падышасына мындай деп айткыла: “Силерге жардамга келе жаткан фараондун аскерлери өз жерине, Мисирге, кайтышат.

8 Каздимдер болсо кайрадан келип, бул шаарга согуш ачып, аны каратып алып, өрттөп жиберишет”».

9 Теңир мындай дейт: «“Каздимдер бизден сөзсүз артка кетет”, – деп, өзүңөрдү өзүңөр алдабагыла, анткени алар артка кетишпейт.

10 Өзүңөр менен согушуп жаткан каздимдердин бүт аскерлерин талкалап салсаңар да, алардын жарадарлары эле өз чатырларынан туруп келип, шаарды өрттөп жиберишмек».

**Жеремиянын камалышы**

11 Каздимдердин аскерлери Иерусалимден фараондун аскерлеринен улам артка чегинген учурда,

12 Жеремия Бенжемин жерине барып, элдин арасынан өзүнүн үлүшүн алыш үчүн, Иерусалимден чыкты.

13 Бирок ал Бенжемин дарбазасына келгенде, ал жерде турган сакчылардын башчысы Хананиянын уулу, Шелемиянын уулу Ирия деген киши Жеремия пайгамбарды кармап алып: «Сен каздимдерге өтүп кеткиң келип жатабы?» – деди.

14 Жеремия ага: «Бул – жалган, мен каздимдерге өтүп кетким келбейт», – деп жооп берди. Бирок Ирия аны укпай койду. Ошентип, Ирия Жеремияны кармап алып, төрөлөргө алып келди.

15 Төрөлөр Жеремияга ачууланышып, аны уруп, Жонатан катчынын үйүндөгү зынданга камап салышты, анткени анын үйүн зындан кылып алышкан эле.

16 Жеремия зынданда, жер төлөдө отурганда, ал жерде отурганына көп күн болгондо,

17 Ситкия падыша киши жиберип, аны алдырды. Падыша өз үйүндө андан жашыруун сурады: «Теңирден сөз барбы?» Жеремия: «Бар», – деди. Анан ал: «Сен Бабыл падышасынын колуна салынып берилесиң», – деди.

18 Анан Жеремия Ситкия падышага мындай деди: «Силер мени зынданда отургузгудай, сенин алдыңда, сенин кызматчыларыңдын алдында жана бул элдин алдында эмне күнөө кылдым?

19 “Бабыл падышасы силерге каршы жана бул жерге каршы барбайт”, – деп пайгамбарчылык кылган пайгамбарларыңар кайда?

20 Эми мырзам падыша, мени ук, менин өтүнүчүмдү кабыл ал, мени кайра Жонатан катчынын үйүнө жөнөтпө, болбосо мен ал жерде өлүп калам».

21 Ошондо Ситкия падыша «Жеремия күзөтчүлөрдүн короосуна камалсын, шаардагы бүт нан түгөнүп бүткөнчө, ага наабайчылардын көчөсүнөн күнүнө бир кесим нан берилсин» деген буйрук берди. Ошентип, Жеремия күзөтчүлөрдүн короосунда калды.

**38-БӨЛҮМ**

**Жеремия ордо**

1 Матан уулу Шепатия, Пашкур уулу Гедалия, Шелемиянын уулу Жухал жана Малкия уулу Пашкур Жеремиянын бүт элге айткан мындай сөздөрүн угушту:

2 «Теңир мындай дейт: “Бул шаарда калган адам кылычтан, ачкадан жана жугуштуу оорудан өлөт. Ал эми каздимдерге чыккан адам аман калат, анын жаны өзүнө олжо ордуна болот, ал тирүү калат”.

3 Теңир мындай дейт: “Бул шаар Бабыл падышасынын аскерлеринин колуна сөзсүз салынып берилет, ал аны каратып алат”».

4 Ошондо төрөлөр падышага мындай дешти: «Бул киши өлүм жазасына тартылсын, анткени ал бул шаарда калып жаткан жоокерлердин колун алсыратып жатат, ошондой эле бүт элдин колун да ушундай сөздөрдү айтып алсыратып жатат, анткени бул киши элге жакшылык каалабайт, тескерисинче, алаамат каалайт».

5 Ошондо Ситкия падыша: «Ал силердин колуңарда, анткени падыша силерге каршы эч нерсе кыла албайт», – деди.

6 Ошондо алар Жеремияны кармап алып, күзөтчүлөрдүн короосунда турган падышанын уулу Малкиянын оруна ташташты. Алар Жеремияны аркан менен түшүрүштү. Ал ордо суу жок эле, баткак гана бар болчу, Жеремия ошол баткакка батты.

7 Падышанын үйүндөгү эбнухтардын бири – эфиопиялык Эбет-Мелек Жеремияны орго салышканын укту. Падыша болсо ошол учурда Бенжемин дарбазасынын жанында отурган.

8 Ошондо Эбет-Мелек падышанын үйүнөн чыгып келип, падышага мындай деди:

9 «Мырзам падыша! Бул адамдар Жеремия пайгамбарды орго салып, жаман иш кылышты. Ал ошол жерде ачкадан өлөт, анткени шаарда эми нан жок».

10 Падыша эфиопиялык Эбет-Мелекке мындай деп буйрук берди: «Бул жерден өзүң менен кошо отуз киши алып, Жеремия пайгамбарды өлүп кала элегинде ордон алып чык».

11 Эбет-Мелек өзү менен кошо адамдарды алып, падышанын үйүндөгү казынанын астындагы жайга кирди, ал жерден эски, жараксыз чүпүрөктөрдү жана эски, жараксыз кесиндилерди алып, аларды арканга байлап, Жеремия жаткан орго түшүрдү.

12 Анан эфиопиялык Эбет-Мелек Жеремияга: «Мына бул эски, жараксыз чүпүрөктөрдү, кесиндилерди колтугуңдун астына, аркандын астына кой», – деди. Жеремия ошондой кылды.

13 Жеремияны аркан менен ордон тартып чыгарышты. Ошентип, Жеремия күзөтчүлөрдүн короосунда калды.

**Ситкиянын Жеремиядан кеңеш сурашы**

14 Ошондо Ситкия падыша киши жиберип, Жеремия пайгамбарды өзүнө, Теңир үйүнүн үчүнчү эшигине чакыртып алды. Анан падыша Жеремияга: «Мен сенден бир нерсе сурайын. Менден эч нерсе жашырбагын», – деди.

15 Жеремия Ситкияга мындай деди: «Эгерде мен сага айтсам, сен мени өлтүрүп коёсуң. Эгерде мен сага кеңеш берсем, сен мени укпайсың».

16 Ошондо Ситкия падыша Жеремияга мындай деп жашыруун ант берди: «Бизге ушул жанды жараткан Теңир тирүү, сени өлүм жазасына тартпайм жана сени өлтүргүсү келген адамдардын колуна бербейм».

17 Ошондо Жеремия Ситкияга мындай деди: «Ысрайылдын Кудайы, Себайот Теңир, мындай дейт: “Эгерде сен Бабыл падышасынын төрөлөрүнө чыксаң, анда сенин жаның аман калат, бул шаар да өрттөлбөйт, өзүң да, үй-бүлөң да тирүү каласыңар.

18 Эгерде Бабыл падышасынын төрөлөрүнө чыкпасаң, анда бул шаар каздимдердин колуна салынып берилет, алар аны өрттөп жиберишет, сен да алардын колунан качып кутулбайсың”».

19 Ошондо Ситкия падыша Жеремияга: «Мен каздимдерге өтүп кеткен жүйүттөрдөн корком, каздимдер мени алардын колуна салып беришпесин, алар мени шылдың кылышпасын», – деди.

20 Жеремия ага: «Салып беришпейт. Теңирдин үнүнө кулак салып, мен айтканды кыл, ошондо сага жакшы болот, ошондо сенин жаның тирүү болот.

21 Эгерде сен чыккың келбесе, анда Теңирдин мага айткан сөзү бул:

22 “Мына, Жүйүт падышасынын үйүндө калган бардык аялдарды Бабыл падышасынын төрөлөрүнө алып кетишет, алар минтип айтышат: "Досторуң сени азгырып, жеңип кетишти. Сенин бутуң баткакка батып калды, алар сени таштап кетишти".

23 Сенин бүт аялдарыңды, балдарыңды каздимдердин жерине алып кетишет, сен өзүң да алардын колунан качып кутулбайсың. Сен Бабыл падышасынын колу аркылуу туткунга алынасың, сен үчүн бул шаар өрттөлөт”», – деди.

24 Ошондо Ситкия Жеремияга мындай деди: «Бул сөздөрдү эч ким билбесин, ошондо сен өлбөйсүң.

25 Эгерде сени менен сүйлөшкөнүмдү төрөлөр угуп, сага келип: “Падышага айтканыңды бизге айт, бизден жашырба, ошондо биз сени өлүм жазасына тартпайбыз, ошондой эле падышанын сага айткан сөзүн бизге айт”, – дешсе,

26 анда сен аларга: “Мен падышага мени Жонатандын үйүнө жөнөтпө, ал жерде өлүп калбайын деп жалындым”, – деп айт».

27 Бардык төрөлөр Жеремияга келип, андан сурашты. Жеремия аларга падыша айт деп буйруган сөздөрдүн баарын айтты. Ошондо алар Жеремия менен сүйлөшкөнүн токтотушту, анткени алар падышага айтылган сөздөрдү билишкен жок.

28 Ошентип, Жеремия Иерусалим каратып алынган күнгө чейин күзөтчүлөрдүн короосунда болду. Анан Иерусалим алынды.

**39-БӨЛҮМ**

**Иерусалимдин туткундалып кетиши**

1 Жүйүт падышасы Ситкиянын падышачылыгынын тогузунчу жылынын онунчу айында Бабыл падышасы Небухаданасар өзүнүн бүт аскери менен Иерусалимге келип, аны курчап алды.

2 Ал эми Ситкиянын падышачылыгынын он биринчи жылынын төртүнчү айында, айдын тогузунчу күнү шаар каратылып алынды.

3 Ошондо Бабыл падышасынын бардык төрөлөрү шаарга кирип, ортоңку дарбазанын алдына жайланышышты. Алар: Нейиргал-Саретсер, Самгар-Небо, эбнухтардын башчысы Сарсехим, сыйкырчылардын башчысы Нейиргал-Саретсер жана башка Бабыл падышасынын бардык төрөлөрү.

4 Жүйүт падышасы Ситкия жана бардык аскер адамдары аларды көргөндө качып жөнөштү. Алар түн ичинде падышанын багын аралап, эки дубалдын ортосундагы дарбаза менен шаардан чыгып, түздүккө кеткен жол менен жөнөштү.

5 Бирок каздимдердин аскерлери алардын артынан кууп жөнөштү, Ситкияны Жерихо түздүгүндө кууп жетишти. Аны колго түшүрүп, Бабыл падышасы Небухаданасарга, Хамат жериндеги Риблага алып келишти. Падыша аларга ошол жерде өкүм чыгарды.

6 Бабыл падышасы Ситкиянын уулдарын Риблада Ситкиянын көз алдында сайып өлтүрдү. Ал Жүйүттүн бүт төрөлөрүн да сайып өлтүрдү.

7 Ал эми Ситкиянын эки көзүн оюп, аны Бабылга алып кетиш үчүн, кишен салып койду.

8 Падышанын үйүн жана элдин үйлөрүн каздимдер өрттөп жиберишти, Иерусалимдин дубалдарын кыйратышты.

9 Ал эми шаарда калган элдин калдыгын, ага өтүп кеткендерди жана калган башка элди сакчылардын башчысы Небузарадан Бабылга туткундап кетти.

10 Эл арасындагы эч нерсеси жок жардыларды болсо сакчылардын башчысы Небузарадан Жүйүт жеринде калтырды, аларга ошол эле күнү жүзүмдүктөр менен айдоо жерлерди берди.

11 Ал эми Жеремия тууралуу Бабыл падышасы Небухаданасар сакчылардын башчысы Небузараданга мындай буйрук берди:

12 «Аны колуңа алып, ага көз салып жүр, ага эч кандай жамандык кылба, ал сага кандай айтса, сен ага ошондой кыл».

13 Ошондо сакчылардын башчысы Небузарадан, эбнухтардын башчысы Небушазбан, сыйкырчылардын башчысы Нейиргал-Саретсер жана Бабыл падышасынын бардык төрөлөрү киши жиберип,

14 Жеремияны күзөтчүлөрдүн короосунан чыгарып алышты. Анан аны Сапан уулу, Акикам уулу Гедалиянын колуна тапшырып, үйүнө жеткирүүнү буйрушту. Ошентип, ал эл арасында жашап калды.

**Жеремиянын бошотулушу**

15 Жеремия сакчылардын короосундагы зынданда жатканда, Теңирден ага сөз болгон:

16 «Бар, эфиопиялык Эбет-Мелекке мындай деп айт: Ысрайылдын Кудайы, Себайот Теңир, мындай дейт: "Мына, Мен бул шаар тууралуу жакшылыкка эмес, жамандыкка айткан Өзүмдүн сөзүмдү аткарам, алар ошол күнү сенин көз алдыңда жүзөгө ашырылат.

17 Бирок Мен сени ошол күнү куткарам, – дейт Теңир, – сен өзүң корккон адамдардын колуна салынып берилбейсиң.

18 Мен сени куткарам, сен кылычтан өлбөйсүң, сенин жаның олжо ордуна өзүңдө калат, анткени сен Мага таяндың", – дейт Теңир».

**40-БӨЛҮМ**

**Жеремиянын Гедалия менен калышы**

1 Кайтаруучулардын башчысы Небузарадан Бабылга туткундап кеткен Иерусалимдиктер менен Жүйүт туткундарынын ичинен, Рамадан кишен салынган Жеремияны алып, аны коё бергенден кийин, Теңирден Жеремияга болгон сөз:

2 Кайтаруучулардын башчысы Жеремияны алып, ага мындай деди: «Сенин Кудай-Теңириң бул жерге ушул алааматты каптатарын айткан.

3 Теңир аны каптатты, Ал эмнени айтса, ошону аткарды, анткени силер Теңирдин алдында күнөөгө батып, Анын үнүн укпай койдуңар, ошондуктан силердин башыңарга ушул мүшкүл түштү.

4 Ошондуктан мына, мен сени бүгүн колуңдагы чынжырдан бошотом. Эгерде сен мени менен Бабылга баргың келсе, баргын, мен сен үчүн кам көрөм. Эгерде мени менен Бабылга баргың келбесе, анда кал. Мына, бардык жер сенин алдыңда. Кайсы жерге баргың келсе, кайсы жерди кааласаң, ошол жерге бар».

5 Ал кете электе, Небузарадан ага: «Бабыл падышасы Жүйүт шаарларына башчы кылып койгон Сапан уулу, Акикам уулу Гедалияга бар, аны менен эл арасында кал, же болбосо каалаган жагыңа бар», – деди. Анан кайтаруучулардын башчысы ага азык-түлүк, белек берип, аны коё берди.

6 Жеремия Миспадагы Акикам уулу Гедалияга келип, өлкөдө калган эл арасында аны менен бирге жашап калды.

**Гедалия – Жүйүттүн башкаруучусу**

7 Талаадагы аскер башчылар жана алардын жанындагы адамдар Бабыл падышасынын Акикам уулу Гедалияны өлкөгө башчы кылып койгонун жана ага өлкөнүн Бабылга туткундалып кетпеген жардыларынын ичинен эркектерди, аялдарды, балдарды тапшырганын угушканда,

8 Миспадагы Гедалияга келишти. Алар: Нетания уулу Ысмайыл, Карейахтын уулдары Жаканан менен Жонатан, Танхуметтин уулу Серая, нетопалык Эйпайдын уулдары, Маахтын уулу Жезания жана алардын кишилери.

9 Сапан уулу, Акикам уулу Гедалия аларга жана алардын кишилерине ант берип, мындай деди: «Каздимдерге кызмат кылгандан коркпогула, бул жерде калгыла жана Бабыл падышасына кызмат кылгыла, ошондо силерге жакшы болот.

10 Мен болсо бизге келип тура турган каздимдердин алдында туруш үчүн, Миспада калам. Силер болсо шарап, жайкы түшүм, май жыйнап, идиштериңерге куюп алгыла жана өзүңөр ээлеген шаарларыңарда жашагыла».

11 Ошондой эле Маап жеринде жана Амон уулдарынын арасында, Эдомдо жана башка бүт өлкөлөрдө жашаган бүт жүйүттөр Бабыл падышасынын жүйүттүн бир бөлүгүн калтырып, алардын үстүнөн Сапан уулу, Акикам уулу Гедалияны койгонун угушту.

12 Ошондо ушул жүйүттөрдүн баары куулган бүт жерлеринен кайтып келишти. Алар Жүйүт жерине, Миспада турган Гедалияга келишти, шарапты, жайкы түшүмдү өтө көп жыйнап алышты.

**Гедалиянын өлтүрүлүшү**

13 Ошол арада Карейах уулу Жаканан жана талаада жүргөн аскер башчылардын баары Миспада турган Гедалияга келишти.

14 Андан: «Амон уулдарынын падышасы Баалис сени өлтүрүш үчүн, Нетания уулу Ысмайылды жибергенин билесиңби?» – деп сурашты. Бирок Акикам уулу Гедалия аларга ишенген жок.

15 Ошондо Карейах уулу Жаканан Миспада Гедалияга жашыруун мындай деди: «Мага уруксат бер, мен барып, Нетания уулу Ысмайылды өлтүрүп келейин, бул жөнүндө эч ким билбей калат. Анын сени өлтүрүүсүнө, сага чогулган жүйүттөрдүн чачылуусуна, жүйүттүн калдыгынын кырылуусуна жол берүүнүн эмне кереги бар?»

16 Бирок Акикам уулу Гедалия Карейахтын уулу Жакананга: «Андай кылба, анткени сен Ысмайыл тууралуу жалган айтып жатасың», – деди.

**41-БӨЛҮМ**

1 Жетинчи айда падышанын тукумунан чыккан Элишама уулу болгон Нетания уулу Ысмайыл, падышанын төрөлөрү жана аны менен кошо он киши Миспада турган Акикам уулу Гедалияга келишти. Алар ошол жерде, Миспада бирге тамак жешти.

2 Нетания уулу Ысмайыл жана аны менен келген он киши туруп, Бабыл падышасы өлкөгө башчы кылып койгон Сапан уулу, Акикам уулу Гедалияны кылыч менен өлтүрүштү.

3 Ошондой эле Ысмайыл Миспада Гедалия менен бирге болгон бардык жүйүттөрдү, ал жердеги каздим аскерлерин өлтүрдү.

4 Эртеси күнү, Гедалияны өлтүрүшкөндөн кийин, ал жөнүндө эч ким биле электе,

5 Шекемден, Шилодон жана Самариядан сакалдары алынган, айрык кийим кийген, өздөрүн жарадар кылып алган сексен киши келди. Алардын колдорунда Теңир үйүнө тартуулаш үчүн тартуулар жана ладан бар эле.

6 Нетания уулу Ысмайыл Миспадан аларды тосуп чыкты. Ал ыйлап бара жатты. Аларга жолукканда: «Акикам уулу Гедалияга келгиле», – деди.

7 Алар шаардын ортосуна кирери менен, Нетания уулу Ысмайыл өзү менен бирге жүргөн кишилер менен аларды өлтүрүп, аңга ыргытып жиберди.

8 Бирок алардын арасынан Ысмайылга: «Бизди өлтүрбө, анткени биздин талаада буудай, арпа, май жана бал сакталган жашыруун кампаларыбыз бар», – деп айткан он киши чыкты. Ошондо аларды тирүү калтырды, бир туугандарына кошуп өлтүргөн жок.

9 Ысмайыл Гедалиянын айынан өлтүргөн адамдардын өлүктөрүн аңга таштаган. Ал аңды Аса падыша Ысрайыл падышасы Баашадан коркуп жасаган эле. Нетания уулу Ысмайыл ал аңды адамдардын өлүктөрүнө толтурду.

10 Анан Ысмайыл Миспадагы калган элдин баарын: падышанын кыздарын жана кайтаруучулардын башчысы Небузарадан Акикам уулу Гедалияга тапшырган, Миспада калган бардык элди каратып алды. Ошентип, Нетания уулу Ысмайыл аларды туткундап алып, Амон уулдарына жөнөдү.

11 Бирок Карейах уулу Жаканан жана анын жанында жүргөн бүт аскер башчылары Нетания уулу Ысмайылдын кыянат иштеринин баарын угушканда,

12 бардык элин алып, Нетания уулу Ысмайыл менен салгылашууга жөнөштү. Аны Гибондогу чоң суунун боюнан кууп жетишти.

13 Ысмайылдын жанындагы бүт эл Карейах уулу Жакананды жана анын жанындагы бүт аскер башчыларды көргөндө, кубанып кетти.

14 Ошондо Ысмайыл Миспадан туткундап алып кеткен бүт эл артка бурулду. Алар кайрылып, Карейах уулу Жакананды карай жөнөштү.

15 Нетания уулу Ысмайыл болсо сегиз кишиси менен Жакanандан качып, Амон уулдарына кетти.

16 Ошондо Карейахтын уулу Жаканан жана аны менен бирге жүргөн аскер башчылары Миспада калган элдин баарын бошотуп алды. Нетания уулу Ысмайыл Акикам уулу Гедалияны өлтүрүп, калган элди туткундап алып бара жаткан эле. Жаканан эркектерди, жоокерлерди, аялдарды, балдарды, эбнухтарды Гибондон алып келди.

17 Алар каздимдерден корккондуктан, Мисирге качып кетиш үчүн жолго чыгып, Бейт-Лехемдин жанындагы Кимам кыштагына келип токтошту.

18 Анткени Нетания уулу Ысмайыл Бабыл падышасы өлкөгө башчы кылып койгон Акикам уулу Гедалияны өлтүрүп койгон эле.

**42-БӨЛҮМ**

**Элдин Жеремиядан өтүнүүсү**

1 Анан бардык аскер башчылар, Карейах уулу Жаканан, Ошая уулу Жазания, бардык эл, кичинесинен чоңуна чейин келди.

2 Алар Жеремия пайгамбарга мындай дешти: «Сенин алдыңа алып келген биздин өтүнүчүбүзгө кулак сал, биз үчүн жана мына бул элдин калдыгы үчүн Кудай-Теңириңе сыйын, анткени бизди өзүң көрүп тургандай, биз көп элек, аз калдык.

3 Сенин Кудай-Теңириң бизге кайсы жол менен жүрүүнү жана эмне кылууну көрсөтсүн».

4 Ошондо Жеремия пайгамбар аларга: «Угуп жатам, силердин сөзүңөр боюнча силердин Кудай-Теңириңерге сыйынам, Теңир силер жөнүндө эмне деп жооп берсе, ошонун бардыгын айтам, силерден бир да сөз жашырбайм», – деди.

5 Алар Жеремияга мындай дешти: «Эгерде биз сенин Кудай-Теңириң сени бизге эмне деп жиберсе, ошону так аткарбасак, анда Теңир бизге каршы ишенимдүү, чыныгы күбө болсун.

6 Ал жакшы болобу, жаман болобу, биз сени жиберип жаткан Кудай-Теңирибиздин үнүн угабыз. Кудай-Теңирибиздин тилин алсак, бизге жакшы болот».

**Теңирдин Жеремиянын сыйынуусуна берген жообу**

7 Арадан он күн өткөндөн кийин, Жеремияга Теңирден сөз болду.

8 Жеремия өзүнө Карейах уулу Жакананды жана аны менен жүргөн бардык аскер башчыларды, бүт элди, кичинесинен чоңуна чейин чакырып алып,

9 аларга мындай деди: «Силер мени өзүңөрдүн өтүнүчүңөр жөнүндө сыйын деп жиберген Ысрайылдын Кудай-Теңири мындай дейт:

10 "Эгерде силер бул жерде кала турган болсоңор, анда Мен силерди жайгаштырам, талкалабайм, силерди отургузам, жок кылбайм, анткени Мен силерге каптаткан алааматым жөнүндө өкүнүп жатам.

11 Силер Бабыл падышасынан коркуп жатасыңар, андан коркпой эле койгула, андан коркпогула, – дейт Теңир, – анткени силерди сакташ үчүн, силерди анын колунан куткарып алыш үчүн, Мен силер мененмин.

12 Мен силерге ырайым кылам, ошондо ал силерге ырайым кылып, силерди өз жериңерге кайтарып жиберет".

13 Эгерде силер: "Бул жерде жашагыбыз келбейт", – деп, Кудай-Теңириңердин үнүн укпай:

14 "Жок, биз Мисир жерине кетебиз, ал жерде согуш дегенди көрбөйбүз, сурнай үнүн укпайбыз, ачка болбойбуз, ошол жерде жашайбыз", – дей турган болсоңор,

15 анда азыр, силер, Жүйүттүн калдыгы, Теңирдин сөзүн уккула: Ысрайылдын Кудайы, Себайот Теңир, мындай дейт: "Эгерде силер Мисирге кетүүнү биротоло чечкен болсоңор, ал жерге жашаганы барсаңар,

16 анда силер корккон кылыч силерге ошол жерде, Мисир жеринде жетет, силер корккон ачкачылык да силерди ошол жерде, Мисирде дайыма ээрчип жүрөт, ошол жерде өлөсүңөр.

17 Мисирде жашаш үчүн, ошол жакка кетүүнү чечкендердин баары кылычтан, ачарчылыктан жана жугуштуу оорудан кырылат, алардын бири да калбайт, Мен аларга каптаткан алааматтан алардын бири да кутулбайт".

18 Анткени Ысрайылдын Кудайы, Себайот Теңир, мындай дейт: "Менин каарым менен ачуум Иерусалим тургундарына кандай төгүлсө, Мисирге барганыңарда силерге да ошондой төгүлөт. Силер каргышка калып, силерди көргөн элдин үрөйлөрү учат, жаманатты жана шылдың болосуңар, ошондон кийин бул жерди көрбөйсүңөр".

19 Силерге, Жүйүттүн калдыгы, Теңир айтып жатат: "Мисирге барбагыла, мен силерге азыр эскертип жатканымды билгиле".

20 Анткени силер өзүңөргө каршы күнөө кылдыңар: силер мени Кудай-Теңирибизге мындай деп жибердиңер: "Биз үчүн Кудай-Теңирибизге сыйын, Кудай-Теңирибиз эмне десе, ошонун баарын айт, биз аны аткарабыз".

21 Мен силерге бүгүн айттым, бирок силер Кудай-Теңирибиздин үнүн укпай койдуңар, Ал мени силерге эмне деп жиберсе, ошонун баарын укпай койдуңар.

22 Ошондуктан билип койгула, жашаш үчүн баргыңар келген жерде кылычтан, ачарчылыктан жана жугуштуу оорудан кырыласыңар».

**43-БӨЛҮМ**

**Жеремиянын Мисирге күч менен алынып кетиши**

1 Жеремия бүт элге өздөрүнүн Кудай-Теңиринин бүт сөздөрүн, өзү аркылуу аларга айттырып жиберген сөздөрдүн баарын айтып бергенде,

2 Ошая уулу Азария, Карейах уулу Жаканан жана бардык адепсиз адамдар Жеремияга мындай дешти: «Сен калп айтып жатасың, биздин Кудай-Теңирибиз сени: "Мисирге барбагыла, ал жерде жашабагыла", – деп айттырыш үчүн жиберген жок.

3 Нейриянын уулу Барух болсо бизди каздимдердин колуна салып берип, бизди өлтүрүш үчүн же бизди Бабылга туткундап кетиш үчүн, сени бизге каршы тукуруп жатат».

4 Ошентип, Карейах уулу Жаканан, бүт аскер башчылары, бардык эл Теңирдин Жүйүт жеринде калгыла деген үнүн укпай коюшту.

5 Анан Карейах уулу Жаканан өзүнүн бүт аскер башчылары менен кайсы элдердин арасына куулуп кетсе, ошол элдердин арасынан кайрадан Жүйүт жеринде жашаш үчүн кайрылып келген жүйүттөрдүн бүт калдыгын,

6 кайтаруучулардын башчысы Небузарадан Сапан уулу, Акикам уулу Гедалия менен калтырган эркектерди, аялдарды, балдарды, падышанын кыздарын жана Жеремия пайгамбарды, Нейрия уулу Барухту алып,

7 Мисир жерине жөнөштү, анткени алар Теңирдин үнүн укпай коюшту. Ошентип, алар Такпанкеске келип жетишти.

8 Ошондо Такпанкесте Жеремияга Теңирден сөз болду:

9 «Колуңа чоң таштарды ал, аларды жүйүттөрдүн көз алдында Такпанкестеги фараондун үйүнө кире бериш жердеги баткакка жашырып кой.

10 Анан аларга мындай деп айт: Ысрайылдын Кудайы, Себайот Теңир, мындай дейт: "Мына, Мен киши жиберип, Өзүмдүн кулум Бабыл падышасы Небухаданасарды алып келип, анын тагын Өзүм жашырып койгон мына бул таштардын үстүнө коём, ошондо ал таштардын үстүнө өзүнүн чатырын тигет.

11 Ал келип, Мисир жерин талкалайт. Өлө турган адам өлүм жазасына тартылат; туткунга кете турган адам туткунга кетет; кылычтан өлө турган адам кылычтан өлөт.

12 Анан Мисир кудайларынын бутканаларына от коём. Ал от аларды өрттөп жиберет, өздөрүн болсо туткун кылат, койчу өз кийимин кийгендей, ал Мисир жерин киет, анан ал жерден тынч чыгат.

13 Мисир жериндеги Бейт-Шемеш таш тирөөчтөрүн талкалайт, Мисир кудайларынын бутканаларын өрттөп жиберет"».

**44-БӨЛҮМ**

**Теңирдин Мисирде жашаган жүйүттөр жөнүндөгү сөзү**

1 Мисирдеги Мигдолго, Такпанкеске, Нопко жана Патрос жерлерине отурукташкан бүт жүйүттөр тууралуу Жеремияга болгон сөз:

2 Ысрайыл Кудайы, Себайот Теңир, мындай дейт: «Силер баарыңар Менин Иерусалимге жана Жүйүт аймагынын бардык шаарларына каптаткан бүт алааматымды көрдүңөр. Мына, алар эми ээн калды, аларда эч ким жашабайт.

3 Бул алардын Мени каарданткан мыйзамсыздыгы үчүн, өздөрү да, силер да, ата-бабаларыңар да билбеген башка кудайларга жыпар жыттуу зат түтөтүп, кызмат кылгандыгы үчүн болду.

4 Мен силерге Өзүмдүн бүт кулдарымды – пайгамбарларымды жибергем, аларды силерге мындай деп айттырганы таң заардан жибергем: "Мен жек көргөн мындай жийиркеничтүү ишти кылбагыла".

5 Бирок алар укпай коюшту, кулак салбай коюшту, өздөрүнүн кыянат иштеринен кайтышкан жок, башка кудайларга жыпар жыттуу зат түтөткөнүн токтотушкан жок.

6 Ошондуктан Менин каарым, Менин ачуум төгүлүп, Жүйүт аймагынын шаарлары менен Иерусалимдин көчөлөрүндө жалындады. Азыр өзүңөр көрүп турганыңардай, ал жерлер урандыга, чөлгө айланды».

7 Азыр Ысрайылдын Кудайы, Себайот Теңир, мындай дейт: «Өзүңөрдөн эч кандай калдык калтырбаш үчүн, жүйүттөрдүн арасынан эркектерди, аялдарды, жаш балдарды, наристелерди кырып,

8 өзүңөр жашаганы келген Мисир жериндеги башка кудайларга жыпар жыттуу зат түтөтүп, өз колуңар менен жасаган нерселер менен Мени каардантып, өзүңөрдү кырып жок кылып, жер жүзүндөгү бардык элдердин арасында каргышка калып, маскара болуп, эмне үчүн өз жаныңарга ушундай чоң кыянаттык кылып жатасыңар?

9 Силер, эмне, ата-бабаларыңардын, Жүйүт падышаларынын мыйзамсыздыгын, өзүңөрдүн жана өзүңөрдүн аялдарыңардын Жүйүт жеринде, Иерусалим көчөлөрүндө кылган мыйзамсыздыгын унутуп калдыңарбы?

10 Алар бүгүнкү күнгө чейин моюн сунушкан жок, коркушпайт, Менин силерге жана силердин ата-бабаларыңарга берген мыйзамдарым боюнча, көрсөтмөлөрүм боюнча жүрүшпөйт».

11 Ошондуктан Ысрайылдын Кудайы, Себайот Теңир, мындай дейт: «Мына, Мен бүт Жүйүт аймагына алаамат каптатыш үчүн, аларды кырыш үчүн, Өз жүзүмдү силерге каршы бурам.

12 Мисир жерине барып, ал жерде жашаш үчүн жүзүн буруп кеткен жүйүттөрдүн калдыгын алам, алардын бардыгы кырылат, Мисир жеринде өлүшөт. Алар кылычтан, ачарчылыктан кырылышат, кичинесинен чоңуна чейин кылычтан, ачкачылыктан өлүшөт. Алар каргышка калып, көргөндөрдүн үрөйүн учуруп, шылдың жана жаманатты болушат.

13 Мен Иерусалимди кылыч менен, ачкачылык менен, жугуштуу оору менен кандай жазаласам, Мисир жеринде жашагандарды да ошондой жазалайм.

14 Мисир жерине жашаш үчүн келип, кайра Жүйүт жерине жашаш үчүн бүт жан-дили менен кайрылып кеткиси келген жүйүттөрдүн калдыгынын ичинен эч ким качып кутула албайт жана эч ким аман калбайт. Ал жерден качып кеткендерден башка эч ким кайрылып келбейт».

15 Ошондо өздөрүнүн аялдарынын башка кудайларга жыпар жыттуу зат түтөтүп жатканын билген эркектердин баары, ал жерде турган көп сандаган аялдардын бардыгы жана Мисир жеринде, Патросто жашаган бүт эл Жеремияга мындай деп жооп беришти:

16 «Биз сенин Теңирдин атынан айткан сөздөрүңдү укпайбыз.

17 Бирок биз өз оозубуздан эмне чыкса, ошонун баарын сөзсүз аткарабыз, биз өзүбүз да, ата-бабаларыбыз да, падышаларыбыз да, төрөлөрүбүз да Жүйүт аймагынын шаарларында жана Иерусалим көчөлөрүндө кылып келгендей, асман аял кудайына арнап жыпар жыттуу зат түтөтүп, куюлуучу курмандыктарын куябыз. Анткени ошол учурда биздин курсагыбыз ток болчу, бактылуу болчубуз, кыйынчылык көргөн эмеспиз.

18 Ал эми асман аял кудайына арнап жыпар жыттуу зат түтөтпөй, куюлуучу курмандыктарын куйбай калгандан тартып, биз бардык нерсеге муктаж болуп, кылыч менен ачкачылыктан кырылып жатабыз.

19 Биз асман аял кудайына арнап жыпар жыттуу зат түтөтүп, куюлуучу курмандыгын куюп турганыбызда, биз ага анын сүрөтү түшүрүлгөн нан жасап, куюлуучу курмандыгын куюп турганыбызды биздин эркектерибиз билген жок беле?»

20 Ошондо Жеремия бүт элге: эркектерге, аялдарга, ушинтип жооп берген бүт элге мындай деди:

21 «Силердин жана ата-бабаларыңардын, падышаларыңардын, төрөлөрүңөрдүн жана өлкө элинин Жүйүт шаарларында жана Иерусалим көчөлөрүндө ушинтип жыпар жыттуу зат түтөткөнүңөр Теңирдин эсинде, Анын жүрөгүндө.

22 Теңир силердин кыянат иштериңерге жана жийиркеничтериңерге чыдай алган жок. Ошондуктан силердин жериңер чөлгө, көргөндөрдүн үрөйүн учурган жерге айланды, азыр өзүңөр көрүп турганыңардай, ал эч ким жашабаган, каргышка калган жерге айланды.

23 Силер ошентип жыпар жыттуу зат түтөтүп, Теңирдин алдында күнөөгө батканыңар үчүн, Теңирдин үнүн укпай койгонуңар үчүн, Анын мыйзамы боюнча, Анын көрсөтмөлөрү боюнча, Анын буйруктары боюнча жүрбөгөнүңөр үчүн, азыр көрүп турганыңардай, башыңарга ушул алаамат түштү».

24 Жеремия бардык элге жана бардык аялдарга дагы мындай деди: «Мисир жериндеги бардык жүйүттөр, Теңирдин сөзүн уккула:

25 Ысрайылдын Кудайы, Себайот Теңир, мындай дейт: “Силер, силердин аялдарыңар өз оозуңар менен айтканыңарды өз колуңар менен кылдыңар. Силер: "Биз кандай убада кылсак, ошол убадабызды аткарабыз, асман аял кудайына арнап жыпар жыттуу зат түтөтүп, куюлуучу курмандыгын куябыз", – деп айтып жатасыңар, ошондуктан өз убадаңарга бек тургула, убадаңарды так аткаргыла”.

26 Ошон үчүн Мисирде жашаган бардык жүйүттөр, Теңирдин сөзүн уккула: “Мына, Мен Өзүмдүн улуу ысымым менен ант бердим, – дейт Теңир, – бүткүл Мисир жеринде мындан ары "Кудай-Теңир тирүү!" деп, Менин ысымымды айткан бир да жүйүт болбойт.

27 Мына, Мен силердин үстүңөрдөн жакшылык үчүн эмес, жамандык үчүн көз салып турам. Мисир жериндеги бардык жүйүттөр таптакыр кырылганча, кылыч менен ачарчылыктан өлө беришет.

28 Кылычтан качып кутулган аз сандагы эл гана Мисир жеринен Жүйүт аймагына кайтат. Мисир жерине жашаганы келген жүйүттөрдөн калган элдин баары кимдин сөзү аткарыларын: Меникиби же өздөрүнүкүбү, ошондо билишет.

29 Мына, силерге белги, – дейт Теңир, – силерди Мен ушул жерде жазалайм, силердин кырыларыңар тууралуу айтылган Менин сөздөрүмдүн аткарыларын ошондо билесиңер.

30 Теңир мындай дейт: Мына, Мен Жүйүт падышасы Ситкияны аны өлтүргүсү келген душманы Бабыл падышасы Небухаданасардын колуна кандай салып берсем, Мисир падышасы Хопра фараонду душмандарынын колуна, аны өлтүргүсү келгендердин колуна ошондой салып берем”».

**45-БӨЛҮМ**

**Теңирдин Барухка берген убадалары**

1 Жеремия пайгамбардын Нейриянын уулу Барухка айткан сөзү. Барух бул сөздөрдү Жүйүт падышасы Жошия уулу Жайакимдин падышачылыгынын төртүнчү жылы Жеремиянын оозунан китепке жазып алып жатканда, Жеремия пайгамбар ага мындай деген:

2 «Барух, Ысрайылдын Кудай-Теңири сага мындай дейт:

3 Сен: “Мага кайгы! Анткени Теңир менин дартымдын үстүнө кайгы кошту. Мен онтогондон чарчадым, бирок жаным жай таппай жатат”, – дейсиң.

4 Ага мындай де: Теңир мындай дейт: “Мына, Мен эмнени курган болсом, ошону талкалайм, эмнени отургузган болсом, ошонун тамырын жулам, бул жердин баарын ошентем.

5 Сен болсо өзүңө чоң нерсени сурап жатасың, сурабагын, анткени мына, Мен ар бир адамдын башына мүшкүл түшүрөм, – дейт Теңир, – бирок кайда барбагын, олжо катары жаныңды аман калтырам”».

**46-БӨЛҮМ**

**Мисирдин жеңилиши жөнүндөгү пайгамбарчылык**

1 Теңирден Жеремияга бутпарас элдер жөнүндө болгон сөз:

2 Мисир жөнүндө, Эфрат дарыясынын жээгиндеги Каркемиштеги Мисир падышасы Нехо фараондун аскерлери жөнүндө. Ал аскерлерди Бабыл падышасы Небухаданасар Жүйүт падышасы Жошия уулу Жайакимдин падышачылыгынын төртүнчү жылында талкалаган.

3 «Калкандарыңарды, найзаларыңарды камдагыла, анан салгылашка киргиле.

4 Атчан аскерлер, аттарыңарды токуп мингиле, туулгаңарды кийип, катарга тургула, найзаңарды курчуткула, соотуңарды кийгиле!

5 Мен эмнени көрүп турам? Алар коркуп, артка бурулушту. Алардын күчтүүлөрү жеңилип, артын карабай качып бара жатышат. Бардык тараптан коркунуч, – дейт Теңир.

6 Күлүктөр качып кете албайт, эр жүрөк кутула албайт. Алар түндүктө, Эфрат дарыясынын жанында, мүдүрүлүп кулашат.

7 Дарыядай көтөрүлүп жаткан бул ким? Суулары агын суулардай долуланып жаткан бул ким?

8 Бул – дарыядай көтөрүлүп жаткан Мисир, анын суулары агын суулардай долуланып жатат. Ал мындай деп жатат: “Мен көтөрүлүп, жерди каптап, шаарды жана анда жашагандарды жок кылам”.

9 Аттарга мингиле, силер да, арабачандар, зымырап жөнөгүлө! Каарман жоокерлер: калкан көтөргөн Эфиопия менен Пут, жаа кармап, жебе тарткан луттуктар, майданга чыккыла.

10 Анткени бул күн – Себайот Кудай-Теңирдин Өзүнүн душмандарынан өч ала турган өч алуу күнү. Кылыч баарын жеп салат, тоюнат, алардын канын аябай ичип мас болот, анткени бул түндүк жериндеги, Эфрат дарыясынын жээгиндеги, Себайот Кудай-Теңирге арналган курмандык чалуу болот.

11 Кыз, Мисир кызы, Гилатка барып, бальзам ал. Сенин көп дары-дармек колдонгонуң бекер, сен үчүн айыгуу жок.

12 Элдер сенин маскара болгонуңду угушту, өкүрүгүң жер бетин толтурду, анткени күчтүү менен күчтүү кагышты, экөө тең жерге кулады».

**Небухаданасардын кол салышы жөнүндөгү пайгамбарчылык**

13 Теңирдин Жеремия пайгамбарга Бабыл падышасы Небухаданасардын Мисир жерин кыйратыш үчүн, кол салары жөнүндө айткан сөзү:

14 «Мисирде жар салгыла жана Мигдолдо билдиргиле, Ноп менен Такпанкесте да билдиргиле: “Катарга тур, камдан, анткени сенин тегерегиңдегилерди кылыч жеп жатат”, – деп айткыла.

15 Сенин күчтүүң эмне үчүн кулады? Ал туруштук берген жок, анткени аны Теңир кулатты.

16 Ал кулагандарды көбөйттү, атүгүл, биринин үстүнө бири кулап, мындай дешти: “Тур, кыйраткыч кылычтан качып, өз элибизге, туулган жерибизге кайталы”».

17 Ал эми ал жерде: «Мисир падышасы фараон жел өпкө, ал белгиленген убакытты өткөрүп жиберди», – деп кыйкырып жатышат.

18 «Мен тирүүмүн, – дейт ысымы Себайот Теңир болгон Падыша, – Табордун тоолор арасында турганы, Кармелдин деңиз жээгинде экени кандай анык болсо, анын келери да анык.

19 Мисирде жашоочу кыз, көчүш үчүн өзүңө керектүү нерселерди камда, анткени Ноп ээн калат, элсиз чөлгө айланат».

20 Мисир – эң жакшы кунажын, бирок түндүктөн кыргын келе жатат, келе жатат.

21 Анын арасында жүргөн жалданма адамдары борго байланган букачарлар сыяктуу, бирок алар өздөрү да артка бурулуп качып кетишти, туруштук бере алышкан жок, анткени алардын өлө турган күнү, жазалана турган сааты келди.

22 Анын үнү жыландын үнүндөй болуп угулуп жатат, алар аскерлери менен келе жатышат, душмандар отунчулардай болуп, балталары менен ага каршы келишет.

23 «Анын токоюн кыйышат, – дейт Теңир, – анткени алар сансыз, алар чегирткеден да көп, аларга сан жетпейт.

24 Мисир кызы маскара болду, ал түндүктөгү элдин колуна салынып берилди».

25 Ысрайыл Кудайы, Себайот Теңир, мындай дейт: «Мына, Мен Нодогу Амонду, ошондой эле фараонду, Мисирди жана анын кудайларын, падышаларын, фараонду жана ага үмүттөнгөндөрдү жазалайм.

26 Аларды өлтүргүсү келгендердин колуна, Бабыл падышасы Небухаданасардын колуна, анын кулдарынын колуна салып берем, бирок ал ошондон кийин мурунку күндөрдөй элдүү болот», – дейт Теңир.

**Теңирдин Ысрайылга берген убадасы**

27 «Сен болсо коркпо, Менин кулум Жакып, үрөйүң учпасын, Ысрайыл. Анткени мына, Мен сени алыскы өлкөдөн куткарып алам, сенин тукумуңду туткундалып кеткен жеринен куткарып алам. Жакып кайрылып келет, кайрадан тынч, жакшы жашап калат, эч ким аны коркутпайт.

28 Коркпо, Менин кулум Жакып, – дейт Теңир, – анткени Мен сени мененмин. Мен сени кайсы элдердин арасына кууп жиберсем, ошол элдерди жок кылам, сени болсо жок кылбайм, бирок сени чеги менен жазалайм, сени жазасыз калтырбайм».

**47-БӨЛҮМ**

**Пелиштиликтер жөнүндө пайгамбарчылык**

1 Фараон Азаны кыйратардын алдында, Теңирдин Жеремия пайгамбарга пелиштиликтер жөнүндө айткан сөзү:

2 Теңир мындай дейт: «Мына, түндүктөн суулар көтөрүлүп келе жатат, алар ташкын сууга айланып, жерди жана анын үстүндөгүлөрдүн баарын, шаарды жана анын тургундарын каптайт. Ошондо адамдар өкүрүшөт, өлкөнүн бардык тургундары боздоп ыйлашат.

3 Анын күчтүү аттарынын туяктарынын дүбүртүнөн, анын майдан арабаларынын калдыраганынан жана алардын дөңгөлөктөрүнүн үнүнөн аталары балдарына кылчайып карабайт, анткени алар эмне кыларын билбей калышат.

4 Бардык пелиштиликтерди кыра турган, Тир менен Сидонду бардык жардамчыларынан ажырата турган күн келди». Анткени Теңир Каптора аралынын калдыгын – пелиштиликтерди кыйратат.

5 Азанын башы такырайып калды, алардын өрөөнүндөгү элдин калдыгы – Ашкелон талкаланып жатат.

6 Оо Теңирдин кылычы, качанкыга чейин кыя бересиң? Качанкыга чейин тынчтанбайсың? Кыныңа кайра кир, токто, тынчтан!

7 Бирок Теңир Ашкелонго каршы, деңиз жээгине каршы буйрук кылганда, сен кантип тынчтанмак элең? Теңир аны ошол жакка багыттады.

**48-БӨЛҮМ**

**Мааптын кыйрашы**

1 Маап тууралуу Ысрайылдын Кудайы, Себайот Теңир, мындай дейт: «Небого кайгы! Ал ээн калды! Кирийатайим маскара болду, каратып алынды. Мизгаб маскара болду, талкаланды.

2 Мындан ары Мааптын даңкы чыкпайт. Кешпондо ага каршы: “Жүргүлө, аны элдер арасынан жок кылалы”, – деп, жамандык ойлоп жатышат. Мадмейна, сен да өлөсүң, сени кылыч ээрчип жүрөт».

3 Хоронайымдан өкүрүк угулуп жатат, талкалануу жана улуу кыйроо болуп жатат.

4 Маап талкаланды, анын балдары өкүрүп жатат.

5 Лухитке чыгып бараткан жерде ый артынан ый чыгып жатат, Хоронайымдан түшүп бара жаткан жерде душман кыйрагандардын ыйын угуп жатат.

6 Качкыла, өз өмүрүңөрдү сактагыла, чөлдөгү жылаңач сөксөөлдөй болгула.

7 Анткени сен өз иштериңе, байлыгыңа үмүттөндүң. Ошон үчүн сен да алынасың, Кемош да өзүнүн ыйык кызмат кылуучулары жана төрөлөрү менен туткунга кетет.

8 Кыйратуучу ар бир шаарга келет, бир да шаар аман калбайт. Теңир айткандай, өрөөн кыйрайт, түздүк ээн калат.

9 Маапка канат бергиле, ал учуп кетсин. Анын шаарлары чөлгө айланат, анткени ал шаарларда жашаганга эч ким калбайт.

10 Теңирдин ишин көңүл коштук менен кылган адамга каргыш! Анын кылычын кан төгүүдөн кармаган адамга каргыш!

**Мааптын шаарларынын үлүшү**

11 Маап жаш чагынан бейкапар жашап, өзүнүн ачыткысынын үстүндө отурат, идиштен идишке куюлган жок, туткундалып кеткен жок. Ошондуктан ал өз даамын сактап калды, жытын жоготкон жок.

12 «Ошондуктан мына, күндөр келе жатат, – дейт Теңир, – ошол күндөрү Мен ага куюштуруучуларды жиберем, алар аны куюштурушат, анын идиштерин бошотушат, анын кумураларын талкалашат.

13 Ошондо Ысрайыл өз үмүтү Бейтел үчүн кандай уят болсо, Маап Кемош үчүн ошондой уят болот.

14 Силер: “Биз согушта эр жүрөк, каарман адамдарбыз”, – деп кантип айтып жатасыңар?

15 Маап ээн калды, анын шаарлары өрттөнүп жатат, анын тандалган жаш уландары союлууга кетти, – дейт ысымы Себайот Теңир болгон Падыша.

16 Маап жакында кыйрайт, аны жакында алаамат каптайт.

17 Анын кошуналары, аны жоктоп ыйлагыла, анын ысымын билгендердин бардыгы: “Күч-кубат таягы, даңк таягы кандай талкаланды!” – дегиле.

18 Дибондо жашоочу кыз, даңк бийиктигинен түшүп, суусуз жерде отур, анткени сага Мааптын кыйратуучусу келип, чептериңди талкалайт.

19 Аройердин кыз тургуну, жолдун боюна туруп алып кара, качып бара жаткандан жана аман калгандан: “Эмне болуп кетти?” – деп сура.

20 Маап уят болду, анткени ал ээн калды. Боздоп ыйлагыла, өкүргүлө, Маап талкаланды деп, Арнондо жар салгыла.

21 Ошентип, түздүктөгү өлкөлөргө жаза келди, Холонго да, Жааска да, Мейпаатка да,

22 Дибонго да, Небого да, Бейт-Дыблатайымга да,

23 Кирийатаймге да, Бейт-Гамулга да, Бейт-Мейонго да,

24 Кериотко да, Ботсырага да, Маап жериндеги алыскы жана жакынкы шаарлардын бардыгына жаза келди.

25 Мааптын мүйүзү кесилди, анын каруу-булчуңу талкаланды», – дейт Теңир.

**Мааптын басынтылышы**

26 Аны мас болгуча ичиргиле, анткени ал Теңирге каршы көтөрүлдү. Маап өзүнүн кусундусунда оонасын, өзү шылдың болсун.

27 Сен Ысрайылды шылдың кылган жок белең? Ал тууралуу айткан сайын башыңды чайкагыдай, ал эмне, ууруларды арасынан кармалды беле?

28 Шаарларыңарды таштап, аска-зоолордо жашагыла, Мааптын тургундары. Үңкүрдүн оозуна уя салган көгүчкөндөрдөй болгула.

29 Биз Мааптын текеберлиги, чегинен чыккан текеберлиги жөнүндө, менменсингендиги, теңсинбегендиги, мактанчаактыгы, жүрөгүнүн көтөрүлгөндүгү жөнүндө укканбыз.

30 «Мен анын менменсингендигин билем, – дейт Теңир, – бирок анысы негизсиз. Анын сөздөрү курулай: айтканын аткарбайт».

31 Ошондуктан Маап үчүн боздоп ыйлайм, бүт Маап үчүн өкүрөм. Кир-Херестин тургундары үчүн үшкүрүшөт.

32 Сыбманын жүзүмдүгү, сен үчүн Жазерди жоктоп ыйлагандай ыйлайм. Сенин бутактарың деңиздин аркы бетине чейин жайылып турчу, Жазер көлүнө чейин жетчү. Кыйратуучу сенин жайкы мөмөлөрүңө жана бышкан жүзүмүңө кол салды.

33 «Кармелден жана Маап жеринен кубаныч менен шаттык тартылып алынды. Мен жүзүм сыгылуучу жайларда жүзүм тебелөөнү токтотом. Мындан ары аларда ыр ырдап жүзүм тебелешпейт, мындан ары кубанычтын кыйкырыгы эмес, согуштун кыйкырыгы угулат.

34 Кешпондон Элалейге жана Жааска чейин жеткен кыйкырыктан улам алар Соардан тартып Хоронайымга жана үчүнчү Эглатка чейин кыйкырышат, анткени Нимримдин суулары да какшыйт.

35 Мааптан, – дейт Теңир, – бутканаларда курмандык чалгандарды, өздөрүнүн кудайларына жыпар жыттуу зат түтөткөндөрдү жок кылам».

36 Ошондуктан менин жүрөгүм Маап үчүн чоордой сыздап жатат. Кир-Херестин тургундары үчүн жүрөгүм чоордой сыздап жатат, анткени алардын тапкан байлыктары жок болду.

37 Ар биринин башындагы чачы жулунган, ар биринин сакалы алынган. Ар биринин колдорунда тырмактын изи, ар биринин белинде зумбал.

38 «Мааптын бардык үйлөрүнүн үстүндө жана бардык көчөлөрүндө ый, анткени Мен Маапты керектен чыккан идиштей кылып талкаладым», – дейт Теңир.

39 «Ал кандай талкаланды, – деп, боздоп ыйлашат. – Маап артка качып, кандай уятка калды!» Маап өзүнүн айланасындагылардын бардыгына шылдың болот жана аны көргөн элдин үрөйү учат.

**Мааптын жеңилиши**

40 Анткени Теңир мындай дейт: «Мына, ал бүркүткө окшоп учуп келип, Мааптын үстүнө канатын жаят.

41 Шаарлар каратылып алынат, сепилдер каратылып алынат, ошол күнү Мааптын кайраттууларынын жүрөктөрү толгоодон кыйналып жаткан аялдын жүрөгүндөй болот».

42 Маап элдердин катарынан жок кылынат, анткени ал Теңирге каршы чыкты.

43 «Мааптын тургуну, коркунуч да, ор да, сыйыртмак да сен үчүн, – дейт Теңир.

44 Коркунучтан качкан адам орго түшөт. Ал эми ордон чыккан адам сыйыртмакка түшөт, анткени Мен ага, Маапка, жазалоо жылын каптатам», – дейт Теңир.

45 Качып бара жаткандар алсырап, Кешпондун көлөкөсүнө токтошту, бирок Кешпондон от чыкты, Сихондун ичинен жалын чыкты, ал Мааптын капталын жана козголоңчул уулдарынын чокусун жалмап кетти.

46 Маап, сага кайгы! Кемош эли өлдү, анткени сенин уулдарың туткундалып кетти, сенин кыздарың да туткундалды.

47 «Бирок акыркы күндөрү Мааптын туткундарын кайра алып келем», – дейт Теңир. Мааптын жазасы ошол күнгө чейин.

**49-БӨЛҮМ**

**Амондун уулдарынын жазаланышы**

1 Теңир Амондун уулдары жөнүндө мындай дейт: «Ысрайылдын уулдары жок беле? Анын мураскору жок беле? Эмне үчүн Малкам Гатты ээлеп алды? Эмне үчүн анын эли анын шаарларында жашап жатат?

2 Ошондуктан мына, күндөр келе жатат, – дейт Теңир, – ошол күндөрү Амон уулдарынын Рабе шаарында салгылашуу кыйкырыгы угулат, шаар урандылар үймөгүнө айланат, анын шаарлары өрттөлөт, Ысрайыл жерин тартып алгандардан кайра өз жерин тартып алат, – дейт Теңир.

3 Ыйла, Кешпон, анткени Ай ээн калды, кыйкыргыла, Рабе кыздары, белиңерди зумбал менен курчагыла, ыйлагыла, чарбактардын арасында тентип жүргүлө, анткени Малкам өзүнүн ыйык кызмат кылуучулары жана төрөлөрү менен кошо туткунга кетет.

4 Өрөөндөрүң менен эмне мактанасың? “Мага ким каршы чыкмак эле?” – деп, өзүнүн байлыгына ишенген ишенимсиз кыз, сенин өрөөндөрүңдөн кан агат.

5 Мына, Мен сага туш тараптан коркунуч каптатам, – дейт Себайот Кудай-Теңир, – ар кимиңер ар кайсы жакка качасыңар, качкандарды эч ким жыйнап келбейт.

6 Бирок ошондон кийин Мен туткун болгон Амон уулдарын кайра алып келем,» – дейт Теңир.

**Эдомдун жазаланышы**

7 Себайот Теңир Эдом тууралуу мындай дейт: «Тейманда эми акылдуулар калбай калдыбы? Акылдуулар кеңеш бере албай калдыбы? Алардын акылы бөксөрдүбү?

8 Артка бурулуп качкыла, үңкүрлөргө жашынгыла, Дедандын тургундары, анткени Мен Эйсапка өз өлүмүн алып келем, Менин жазалоо мезгилим келди.

9 Эгерде сага жүзүм жыйноочулар келсе, анда сага анча-мынча мөмө калтырары анык. Эгерде сага түн ичинде уурулар келсе, анда алар өздөрүнө канча керек болсо, ошончо уурдары анык.

10 Мен болсо Эйсапты жылаңач калганча тоноп алам, анын жашыруун жерлерин ачам, ошондо ал жашына албай калат. Ал тукум курут болот, анын бир туугандары да, кошуналары да кырылат, ал жок болот.

11 Өз жетимдериңди калтыр, Мен аларды багам, жесирлериң да Менден үмүт кылышсын».

12 Анткени Теңир мындай дейт: «Мына, ушул чөйчөктөн ичүүгө тийиш эместер да аны сөзсүз ичишет. Анан сен жазаланбай калмак белең? Жок, сен жазаланбай калбайсың, чөйчөктөн сөзсүз ичесиң.

13 Анткени Мен Өзүм менен ант берем, – дейт Теңир, – Ботсра көргөн элдин үрөйүн учурат, шылдың болот, чөлгө айланат, каргышка калат, анын бардык шаарлары түбөлүк ээн талааларга айланат».

14 Мен Теңирден кабар уктум, элдерге айттырганы чабарман жөнөтүлдү: «Жыйналгыла да, ага каршы баргыла, согушка чыккыла».

15 «Анткени мына, Мен сени элдердин арасында аз эл кылам, адамдардын арасында жек көрүндү эл кылам.

16 Аскалардын жаракасында жашаган, адырлардын чокуларын ээлеген сени өзүңдүн айбаттуулугуң, жүрөгүңдүн текебердүүлүгү азгырды. Сен өз уяңды бүркүткө окшоп бийикке салсаң да, Мен сени ал жерден да кулатам, – дейт Теңир.

17 Ошондо Эдом көргөн элдин үрөйүн учурат, анын жанынан өткөндөрдүн баары анын башына түшкөн мүшкүлдү көрүп, таң кала ышкырып өтөт.

18 Содом менен Амор жана алардын коңшу шаарлары кандай талкаланса, – дейт Теңир, – так ошондой эле ал жерде да эч ким жашабай калат, ал жерге адам баласы токтобойт.

19 Мына, ал арстандай болуп, Иордандын жогору жагынан чептүү турак жайларга чыгып келе жатат. Бирок Мен аларды Эдомдон шашылыш кетүүгө мажбур кылам, ким тандалган болсо, Мен аны анын үстүнө коём. Анткени Мага ким тең келет? Менден ким жооп талап кылат? Мага кайсы койчу каршы чыгат?»

20 Ошондуктан Теңирдин Эдом жөнүндө чыгарган чечимин, Теймандын тургундары жөнүндөгү ниетин уккула: «Чындыгында, аларды койлордун ичинен эң кичинекейлери сүйрөп кетишет, алардын турак жайларын чаап алышат.

21 Алардын кыйроосунун үнүнөн жер солкулдайт, алардын кыйкырыгы Кызыл деңизге чейин угулат.

22 Мына, ал бүркүткө окшоп көтөрүлүп, учуп келип, канаттарын Ботсранын үстүнө жаят. Ошол күнү Эдомдун кайраттууларынын жүрөгү толгоо тартып жаткан аялдын жүрөгүндөй болот».

**Дамасктын жазаланышы**

23 Дамаск жөнүндө. Хамат жана Арпат маскара болду, анткени кайгылуу кабарды укканда, алардын көңүлү чөктү. Деңизде толкун, ал тынчтана албай жатат.

24 Дамаск алсырап калды, качууга бет алды, аны коркунуч басты, ал толгоо тарткан аялдай толгоо тартып, кыйналып жатат.

25 Атак-даңктын шаары, менин кубанычымдын шаары, кантип аман калган жок?

26 «Анын көчөлөрүндө жаш уландары өлөт, ошол күнү бүт жоокерлери кырылат, – дейт Себайот Теңир.

27 Дамаск дубалдарына от коём, ал от Бенадаттын чептерин жалмайт».

**Кейдардын жана Хатсор шаарынын жазаланышы**

28 Бабыл падышасы Небухаданасар талкалаган Кейдар жана Хатсор падышачылыктары жөнүндө Теңир мындай дейт: «Тургула, Кейдарга каршы чыккыла, чыгыштын уулдарын кыйраткыла!

29 Алардын чатырларын жана койлорун өздөрүнө алышат, алардын жабууларын, бүт буюмдарын жана төөлөрүн алып кетишет, аларга бардык жактан коркунуч каптатышат.

30 Качкыла, тезирээк кеткиле, аңдарга жашынгыла, Хатсордун тургундары, – дейт Теңир, – анткени Бабыл падышасы Небухаданасар силер тууралуу чечим чыгарды, силерге жамандык кылууну ойлонуштуруп койду.

31 Тургула, камырабай тынч жашап жаткан элге каршы чыккыла, – дейт Теңир. – Анын эшиги да, кулпусу да жок, алар обочолонуп жашашат.

32 Алардын төөлөрү олжого кетет, көп сандаган койлору talanat, саамай чачын кырккан аларды шамалга чачам, аларга туш-туштан кыргын каптатам, – дейт Теңир.

33 Ошондо Хатсор чөөлөрдүн жайына, түбөлүк чөлгө айланат, ал жерде адам жашабайт, ал жерге адам баласы токтобойт».

**Эйламдын жазаланышы**

34 Жүйүт падышасы Ситкиянын падышачылыгынын башталышында Жеремия пайгамбар аркылуу Теңирдин Эйламга каршы айткан сөзү:

35 Себайот Теңир мындай дейт: «Мына, Мен Эйламдын эң негизги күчү болгон жаасын сындырам.

36 Эйламга асмандын төрт тарабынан төрт шамал каптатам, аларды ушул шамалдардын баарына чачам, куулуп-сүрүлгөн эйламдыктар барбаган эл болбойт.

37 Эйламдыктарды өз душмандарынын алдында, аларды өлтүрөбүз деп жүргөндөрдүн алдында талкалайм. Аларга алаамат каптатам, Өзүмдүн каарымды төгөм, – дейт Теңир, – биротоло жок кылмайынча, алардын артынан кылыч жибере берем.

38 Ошентип, Мен Өз тагымды Эйламга коём, ал жердеги падыша менен төрөлөрдү жок кылам, – дейт Теңир.

39 Бирок акыркы күндөрдө Эйламдын туткундарын кайра алып келем», – дейт Теңир.

**50-БӨЛҮМ**

**Бабыл жөнүндөгү пайгамбарчылык**

1 Теңирдин Бабыл жөнүндө жана каздимдердин жери жөнүндө Жеремия пайгамбар аркылуу айткан сөзү:

2 «Элдер арасына жар салгыла, кабарлагыла, туу көтөргүлө, жарыялагыла, жашырбагыла, айткыла: “Бабыл каратылып алынды, Бел маскара болду, Меродах талкаланды, анын буркандары маскара болду, анын жасалма кудайлары талкаланды”.

3 Анткени түндүктөн ага каршы эл көтөрүлүп чыкты, ал анын жерин чөлгө айлантат, ошондо ал жерде эч ким жашабайт, адам да, мал да жашабайт, бардыгы ал жерден чыгып кетишет.

**Туткундан кайтып келүү жөнүндө**

4 Ошол күндөрдө, ошол мезгилде, – дейт Теңир, – Ысрайыл уулдары Жүйүт уулдары менен бирге келишет, алар өздөрүнүн Кудай-Теңирин ыйлап жүрүп издешет.

5 Сионго баруучу жол жөнүндө сурашат, ал жолду карап: “Жүргүлө, унутулгус, түбөлүктүү келишим менен Теңирге кошулалы”, – дешет.

6 Менин элим адашкан койлордой, анткени аларды койчулары жолунан адаштырып, тоолорго кууп жиберишти. Алар тоодон тоого, адырдан адырга тентип жүрүштү, өздөрүнүн жаткан жайын унутуп коюшту.

7 Ошондо таап алгандардын бардыгы аларды жеп коюшту, алардын душмандары: “Биз күнөөлүү эмеспиз, анткени алар чындыктын турагы болгон Теңир алдында, өздөрүнүн ата-бабаларынын үмүтү болгон Теңир алдында күнөө кылышты”, – дешти.

8 Бабылдын чөйрөсүнөн качкыла, каздимдердин жеринен кеткиле, койлордун алдында жүргөн текелердей болгула.

9 Анткени мына, Мен Бабылга каршы түндүк жеринен улуу элдердин калың тобун тургузуп алып келем, алар ага каршы тизилип, аны каратып алышат. Алардын жебелери мыкты аскерлердин жебелериндей болуп, куру кайтпайт.

10 Ошентип, Каздим жери олжо болот, аны кыйраткандар тоюшат, – дейт Теңир.

**Бабылдын кулашы жөнүндө**

11 Анткени силер, Менин мурасымды талап-тоногондор, кубандыңар, шаттандыңар. Кубанычтан чөптүн үстүндөгү музоодой секирдиңер, согуш аттарындай азынадыңар.

12 Силердин энеңер катуу уятка калат, силерди төрөгөн аялдын бети кызарат. Ал элдердин келечеги – чөл, какшыган жер, ээн талаа».

13 Теңирдин каарынан ал эч ким жашабаган жерге айланат, ал жер бүт бойдон ээн калат. Бабыл аркылуу өткөн ар бир адам анын башына түшкөн мүшкүлдү көрүп, таң кала ышкырып өтөт.

14 Бабылдын тегерегине катарга тизилгиле. Жаа тарткандардын баары, аны аткыла, жебеңерди аябагыла, анткени ал Теңирге каршы күнөө кетирди.

15 Ага каршы туш-туштан кыйкыргыла; ал колун көтөрдү; анын негиздери кулады; анын дубалдары кыйрады! Анткени бул – Теңирдин жазасы, андан өчүңөрдү алгыла. Ал силерге кандай кылса, силер да ага ошондой кылгыла.

16 Бабылда үрөн сепкенди да, оруу-жыюу убагында орок оргонду да жок кылгыла. Кыйратуучу кылычтан корккон ар бир адам өз элине кайтсын, ар ким өз жерине качсын.

**Ысрайылдын кайтып келиши жөнүндө**

17 Ысрайыл – чачылган кой. Аны арстандар кууп жиберди. Адегенде аны Ашур падышасы мүлжүдү, бул акыркы Бабыл падышасы Небухаданасар болсо анын сөөктөрүн талкалады.

18 Ошондуктан Ысрайылдын Кудайы, Себайот Теңир, мындай дейт: «Мына, Мен Ашур падышасынын жерин кандай жазаласам, Бабыл падышасын жана анын жерин да ошондой жазалайм.

19 Ысрайылды өз жайытына кайра алып келем, ал Кармел тоосунда жана Башан өрөөнүндө жайылат, ал Эпрайым тоосунда жана Гилатта тоюнат.

20 Ошол күндөрү, ошол мезгилде, – дейт Теңир, – Ысрайылдын айыбын издешет, бирок анын айыбы жок болуп чыгат, Жүйүттүн күнөөсүн издешет, бирок күнөө табылбайт, анткени Мен Өзүм тирүү калтыргандардын күнөөсүн кечирем.

**Кудайдын Бабылды жазалашы**

21 Мератайым жерине каршы, Пекоттун тургундарына каршы чык, кыйрат, алардын артынан бардыгын кыр, – дейт Теңир, – Мен сага эмнени буйрук кылсам, ошонун бардыгын жаса.

22 Жер үстүндө согуштун дабышы жаңырат, чоң кыйроо болуп жатат!

23 Бүткүл жердин балкасы кандай талкаланды, кандай кыйрады! Элдердин арасында Бабыл кандай үрөй учурарлык болду!

24 Мен сага тор жайдым, Бабыл, сен аны алдын ала көрө билбей, ага түшүп калдың. Сен түштүң да кармалдың, анткени Теңирге каршы чыктың».

25 Теңир Өзүнүн сактагычын ачып, андан Өзүнүн каар толтурулган идиштерин алып чыкты, анткени Себайот Кудай-Теңирдин каздимдердин жеринде иши бар.

26 Ар тараптан ага каршы келгиле, анын кампаларын ачкыла, аны боолорду тебелегендей тебелегиле, аны таптакыр жок кылгыла, андан эч нерсе калбасын.

27 Анын бардык өгүздөрүн өлтүргүлө, алар союлууга кетишсин. Аларга кайгы! Анткени алардын күнү келди, аларды жазалай турган мезгил келди.

28 Сиондо биздин Кудай-Теңирдин өч алуусу тууралуу, Теңирдин ийбадатканасы үчүн өч алуусу тууралуу кабарлаш үчүн, Бабыл жеринен качып кутулгандардын үнү угулуп жатат.

29 Бабылга каршы аткычтарды чакыргыла, эч ким качып кутулбашы үчүн, жаа тарткандардын баары анын тегерегине кошуун-кошуун болуп жайгашсын, ага өз иштерине жараша тиешесин бергиле. Ал силерге кандай кылса, силер да ага ошондой кылгыла, анткени ал Теңирге, Ысрайылдын Ыйыгына, каршы чыкты.

30 «Ошон үчүн анын уландары өзүнүн көчөлөрүндө өлөт, ошол күнү анын бардык жоокерлери кырылат, – дейт Теңир.

31 Мына, текебер, Мен сага каршымын, – дейт Себайот Кудай-Теңир, – анткени сенин күнүң келди, сени жазалай турган мезгил келди.

32 Текебер мүдүрүлүп жыгылат, аны эч ким тургузбайт. Анын шаарларына от коём, ошондо ал от анын айланасындагынын бардыгын жалмайт».

33 Себайот Теңир мындай дейт: «Ысрайыл уулдары Жүйүт уулдарындай эле эзилди, аларды туткунга алгандар аларды бек кармап турушат, коё бергилери келбейт».

34 Бирок алардын Куткаруучусу күчтүү, Анын ысымы – Себайот Теңир. Өлкөгө тынчтык бериш үчүн, Бабылда жашагандарды калтыратыш үчүн, алардын ишин Теңир Өзү талдайт.

35 «Каздимдерге каршы кылыч! – дейт Теңир. – Бабылдын тургундарына, анын төрөлөрүнө, анын даанышмандарына каршы кылыч!

36 Төлгөчүлөргө каршы кылыч! Алар акыл-эстен ажырашат. Анын аскерлерине каршы кылыч! Алар талкаланышат.

37 Анын аттарына, майдан арабаларына, анын ичиндеги элдердин баарына каршы кылыч! Ошондо алар аялдардай болушат. Анын кенч-байлыгына да каршы кылыч! Алар таланып жок болот.

38 Анын суулары какшып калсын! Алар какшыйт, анткени бул жер – буркандардын жери. Алар өздөрүнүн эң коркунучтуу жасалма кудайларынан эс-акылдан ажырашат.

39 Ошондуктан ал жерде талаа жырткычтары менен чөөлөр жайланышат, ал жерде төө куштар жашашат, мындан ары ал жерде түбөлүккө эл жашабайт, ал жерге укумдан-тукумга эл көчүп барып отурукташпайт.

40 Кудай Содом менен Аморду жана ага кошуна жаткан шаарларды кандай кулатса, – дейт Теңир, – бул жерде да эч ким жашабайт, адам баласы токтобойт.

41 Мына, түндүктөн эл келе жатат, улуу эл, жер кыйырынан көп падышалар көтөрүлүп келе жатат.

42 Алардын колдорунда найза менен жаа. Алар таш боор жана ырайымсыз. Алардын үнү деңиздей күрүлдөйт. Бабыл кызы, сени менен салгылашыш үчүн, аттарга минип, бир кишидей тизилип, зуулдап келе жатышат.

43 Бабыл падышасы алар жөнүндө кабар укканда, эмне кыларын билбей калды, ал кайгыга батты, толгоо тартып жаткан аялдай кыйналды.

44 Мына, ал Иордан дарыясынын баш жагынан арстандай болуп, чептүү турак жайларга чыгып келе жатат. Бирок Мен аларды ал жерден шашылыш кетүүгө мажбур кылам. Ким тандалган болсо, аны ошого ишенип тапшырам, анткени Мага ким тең келет? Менден ким жооп талап кылат? Кайсы койчу Мага каршы чыгат?»

45 Ошондуктан Теңирдин Бабыл тууралуу чыгарган чечимин, Анын каздим жери тууралуу ниетин уккула: «Чындыгында, аларды койлордун ичинен эң алсыздары сүйрөп кетишет. Чындыгында, алардын турак жайлары ээн калат.

46 Бабылдын каратылып алынышы жөнүндөгү кабардан жер солкулдайт, элдер арасында өкүрүк угулат».

**51-БӨЛҮМ**

**Бабылдын талкаланышы**

1 Теңир мындай дейт: «Мына, Мен Бабылга жана анын арасында жашагандарга каршы Өзүмдүн душмандарымды көтөрөм.

2 Бабылга сапыруучуларды жиберем, алар аны учуруп жиберишет, анын жерин кыйратышат, анткени алаамат күнү ага бардык тараптан кол салышат.

3 Аткыч жаа тартканга жана өзүнүн калканы менен мактанганга каршы жаа тартсын. Анын уландарын аябагыла, анын бүт аскерин жок кылгыла.

4 Өлтүрүлгөндөр Каздим жеринде кулашсын, сайылгандар анын жолдоруна кулашсын».

5 Ысрайылдын Ыйыгынын алдында жери күнөөгө толсо да, Ысрайыл менен Жүйүт өздөрүнүн Себайот Кудай-Теңиринен ажырап жесир калган эмес.

6 Бабыл чөйрөсүнөн качкыла жана анын мыйзамсыздыгынан өлүп калбаш үчүн, ар бириңер өз жаныңарды сактагыла, анткени бул – Теңирдин өч ала турган мезгили, Ал анын ишине жараша жазасын берип жатат.

7 Бабыл Теңирдин колундагы бүт жерди мас кылган алтын чөйчөк болгон. Элдер андан шарап ичип, акылсыздык кылышкан.

8 Бабыл капыстан кулап, талкаланды. Ал үчүн боздоп ыйлагыла, анын жарааты үчүн бальзам алгыла, балким, ал айыгып кетер.

9 Бабылды биз дарыладык, бирок ал айыккан жок. Аны таштагыла, ар кимибиз өз жерибизге кетели, анткени ага чыгарылган өкүм асманга жетти, булутка чейин көтөрүлдү.

10 Теңир биздин акыйкаттыгыбызды жарыкка чыгарды. Жүргүлө, Сиондо Кудай-Теңирибиздин ишин жар салалы.

11 Жебелерди учтагыла, саадактарды жебеге толтургула. Теңир Мадай падышаларынын рухун козгоду, анткени Анын Бабылды жок кылам деген ою бар. Анткени бул – Теңирдин өчү, Теңирдин ийбадатканасы үчүн өч алуу.

12 Бабыл дубалдарына каршы туу көтөргүлө, күзөтүүнү күчөткүлө, күзөтчүлөрдү орду-ордуна койгула, буктурмаларды даярдагыла, анткени Теңир Бабылдын тургундары жөнүндө эмнени ойлосо, эмнени айтса, ошону аткарат.

13 Оо, сен, улуу дарыялардын жээгинде жашаган, көп байлыктардын ээси! Сенин күнүң бүттү, сараңдыгың чегине жетти!

14 Себайот Теңир Өзү менен ант берди: «Чынында эле, Мен сени чегирткедей сансыз элге толтурам, алар сага каршы согуш ураанын көтөрүшөт».

**Кудайды даңктоо ыры**

15 Ал жерди Өзүнүн кудурети менен жараткан, ааламды Өзүнүн даанышмандыгы менен орноткон, асманды Өзүнүн акылы менен жайган.

16 Анын үнүнөн асмандагы суулар күрүлдөйт, Ал жер кыйырынан булуттарды чыгарат, жамгыр жаап жатканда, чагылган жаратат, Өзүнүн сактагычтарынан шамал чыгарат.

17 Ар бир адам өзүнүн билими менен акылсыздык кылып жатат, ар бир эритүүчү өзү жасаган бурканы менен өзүн маскара кылып жатат, анткени анын бурканы – жалган, анын ичинде рух жок.

18 Ал – эч нерсеге арзыбаган нерсе, адашкандын иши. Алар өздөрүнүн жазалана турган мезгили келгенде жок болушат.

19 Жакыптын үлүшү алардыкындай эмес, анткени анын Кудайы – баарын жараткан Кудай, Ысрайыл болсо Анын мурасынын таягы, Анын ысымы – Себайот Теңир.

**Теңирдин балкасы**

20 «Сен Менин балкамсың, согуштук куралымсың. Мен сени менен элдерди кыйраткам, сени менен падышачылыктарды жок кылгам.

21 Мен сени менен анын аттарын жана атчан аскерлерин кыйраткам, сени менен анын майдан арабаларын жана араба айдоочуларын кыйраткам.

22 Сени менен эркегин да, аялын да өлтүргөм. Сени менен карысын да, жашын да өлтүргөм, сени менен уланын да, кызын да өлтүргөм.

23 Сени менен койчуну да, анын койлорун да кыйраткам, сени менен дыйканды да, анын жумушчу малын да кыйраткам, сени менен дубан башчыларын да, шаар башчыларын да өлтүргөм.

**Бабылдын жазаланышы**

24 Мен силердин көз алдыңарда Бабылды жана бүт Каздим тургундарын, алардын Сиондо кылган бардык кыянат иштери үчүн жазалайм, – дейт Теңир.

25 Мен сага каршымын, бүт жерди ойрон кылуучу тоо, – дейт Теңир, – ойрон кылуучу, Мен сага каршы колумду сунам, сени аскадан кулатам, сени өрттөлгөн тоого айлантам.

26 Ошондо сенден бурч үчүн да таш алышпайт, пайдубал үчүн да таш алышпайт, түбөлүккө ээн каласың», – дейт Теңир.

27 Жерде туу көтөргүлө, элдер арасында сурнай тарткыла, элдерди ага каршы куралдандыргыла, Арарат падышачылыгын, Мини падышачылыгын, Ашкыназ падышачылыгын ага каршы чакыргыла, ага каршы аскер башчы койгула, аттарды кылдуу чегирткедей каптаткыла.

28 Элдерди, Мадай падышаларын, анын дубан башчыларын, анын бүт шаар башчыларын, ага караштуу бардык жерди ага каршы куралдандыргыла.

29 Жер солкулдап, титиреп жатат, анткени Теңирдин Бабыл жерин эл жашабаган чөлгө айландырам деген ниети орундалып жатат.

30 Бабылдын күчтүү жоокерлери согушканын токтотушту, өз чептеринде отурушат. Алардын күчү кетти, аялдардай болуп калышты, алардын үйлөрү өрттөлүп, кулпулары талкаланды.

31 Бабыл падышасына анын шаары бардык тарабынан алынганын кабарлаш үчүн, чабармандын артынан чабарман, кабарчынын артынан кабарчы чуркап бара жатат.

32 Кечүүлөр басылып алынды, тосмолор өрттөлдү, жоокерлер коркунуч менен жеңилишти.

33 Анткени Ысрайылдын Кудайы, Себайот Теңир, мындай дейт: «Бабыл кызы дан бастырылып жаткан кырманга окшош, бир аз убакыттан кийин анын оруу-жыюу мезгили келет».

34 «Мени Бабыл падышасы Небухаданасар жеди, мүлжүдү, бош идишке айлантты, мени ажыдаардай жутту, өзүнүн курсагын менин эң жакшы нерселериме толтурду, мени бүркүп ыргытты.

35 Менин таарынычым да, менин денем да Бабылдын мойнунда, – дейт Сиондун тургуну. Менин каным
Каздим тургундарынын мойнунда», – дейт Иерусалим.

**Теңирдин Ысрайылга жардам бериши**

36 Ошондуктан Теңир мындай дейт: «Мына, Мен сенин ишиң үчүн болушам, сен үчүн өч алам. Анын
деңизин какшытам, анын булактарын соолутам.

37 Ошондо Бабыл үйүлгөн урандыга, чөөлөрдүн түнөгүнө айланат, үрөй учурган, шылдыңга калган жана эл
жашабаган жер болот.

38 Алардын бардыгы арстандай айкырышат, арстандын күчүктөрүндөй ырылдашат.

39 Алар кызыган кезде, Мен аларга той өткөрүп, мас болгуча ичирем. Алар көңүл ачып, түбөлүк уйку менен
уктап, ойгонбошу үчүн ушундай кылам, – дейт Теңир.

40 Аларды союлуучу козулардай, кочкор менен текелердей айдап түшүрөм.

**Бабылдын тагдыры**

41 Шейшак кандай алынды, жер жүзүнүн сыймыгы кандай жеңилди! Элдер арасында Бабыл кандай үрөй
учурарлык болду!

42 Бабылга каршы деңиз көтөрүлдү, ал анын сансыз толкундарынын астында калды.

43 Анын шаарлары чөлгө, какшыган жерге, ээн талаага, эч ким жашабаган жерге, адам баласы өтпөгөн
жерге айланды.

44 Бабылдагы Белди жазалайм, анын жутканын оозунан чыгартам, ошондон кийин ага элдер агылып келбей
калат, атүгүл, Бабылдын дубалдары да кулайт.

45 Менин элим, анын чөйрөсүнөн чык, ар бириңер өз жаныңарды Теңирдин жалындаган каарынан
сактагыла.

46 Жүрөгүңөр алсырабасын, жер үстүндө угула турган кабардан коркпогула. Кабар бир жылы келет,
кийинки жылы дагы бир кабар келет, жер үстүндө зордук-зомбулук болот, өкүмдар өкүмдарга каршы
көтөрүлөт.

47 Мына, күндөр келе жатат, – дейт Теңир, – ошол күндөрү Мен Бабылдын буркандарын жазалайм, анын
бүткүл жери маскара болот, ал жерге анын өлтүрүлгөндөрүнүн баары кулайт.

48 Ошондо Бабылдын кулаганына асман менен жер жана аларда болгондун бардыгы сүйүнөт, анткени ага
түндүк тараптан кыйратуучулар келет, – дейт Теңир.

49 Бабыл жеңилген ысрайылдыктарды кандай кулатса, бүт өлкөдөгү жеңилгендер да Бабылда ошондой
кулайт».

**Бабылда жашап жаткандар жөнүндөгү пайгамбарчылык**

50 Кылычтан аман калгандар, кеткиле, токтобогула, Теңир жөнүндө алыстан эстегиле, Иерусалим силердин
жүрөгүңөргө кирсин.

51 Жаман сөздөрдү укканда, биз уят болгонбуз. Бөтөн жерликтер Теңир үйүнүн ыйык жайына киришкенде, бетибизге маскаралык жабылган.

52 «Мына, күндөр келе жатат, – дейт Теңир, – ошол күндөрү Мен анын буркандарын жазалайм, анын бүт жеринде жарадар болгон адамдар онтошот.

53 Бабыл асманга чейин көтөрүлсө да, өз сепилин бийиктикке орнотсо да, Менден ага каршы кыйратуучулар келет», – дейт Теңир.

**Бабылдын андан кийинки кыйратылуусу**

54 Бабылдан өкүрүк угулуп жатат, Каздим жеринен чоң бүлгүн-чапкын угулуп жатат.

55 Анткени Теңир Бабылды ээн калтырып, анын ичиндеги текебер үндү токтотот. Алардын толкундары чоң суулардай күрпүлдөйт, алардын шуулдаган үнү жаңырат.

56 Анткени ага – Бабылга каршы, кыйратуучу келет, анын каарман жоокерлери колго түшөт, алардын жаалары кыйрайт, анткени Кудай – тиешесин берүүчү Теңир, Ал сөзсүз тиешесин берет.

57 «Анын төрөлөрүн, анын даанышмандарын, анын дубан башчыларын, анын шаар башчыларын, анын жоокерлерин мас болгончо ичирем, ошондо алар түбөлүккө уктап калышат, ойгонушпайт», – дейт ысымы Себайот Теңир болгон Падыша.

58 Себайот Теңир мындай дейт: «Бабылдын калың дубалдары пайдубалдарына чейин урайт, анын бийик дарбазалары өрттөлөт. Элдер бекер эмгектеништи, уруулар өздөрүн от үчүн кыйнашты».

**Жеремиянын пайгамбарчылыгынын Бабылга жөнөтүлүшү**

59 Жүйүт падышасы Ситкиянын падышачылыгынын төртүнчү жылында Махсея уулу, Нейрия уулу Серая Ситкия менен Бабылга жөнөп бара жатканда, ага Жеремия пайгамбар тапшырган сөз. Серая падышанын башкы орун даярдоочусу болгон.

60 Бабыл жөнүндө, аны кандай алаамат каптары жөнүндө жазылган бул сөздөрдүн бардыгын Жеремия бир китепке жазып койду.

61 Ошондо Жеремия Сераяга мындай деди: «Сен Бабылга барганда, бул сөздөрдүн баарын сөзсүз окуп бер.

62 Анан мындай де: "Теңир! Сен бул жерди толугу менен кыйратарыңды: ал жерде адам да, мал да калтырбай, аны түбөлүк чөлгө айлантарыңды айткансың".

63 Анан бул китепти окуп бүткөндөн кийин, ага таш байлап туруп, Эфрат дарыясынын ортосуна ыргытып жибер,

64 анан мындай де: "Бабыл ушинтип чөгөт, ал Мен ага каршы каптаткан алааматтан кайра турбайт, ал таптакыр алсырап калат"». Буга чейин Жеремиянын сөзү.

**52-БӨЛҮМ**

**Иерусалимдин кулашы**

1 Ситкия падыша болгондо жыйырма бир жашта эле. Ал Иерусалимде он бир жыл падышачылык кылды. Анын энесинин ысымы – Хамутал, ал – либналык Жеремиянын кызы.

2 Ал да Теңирдин алдында Жайаким кылган жаман иштердин баарын кылды.

3 Ошондуктан Теңир Иерусалим менен Жүйүткө катуу каарданып, аларды Өз жүзүнөн четке какты. Ошондо Ситкия Бабыл падышасына каршы чыкты.

4 Анын падышачылыгынын тогузунчу жылы, онунчу айдын онунчу күнү Бабыл падышасы Небухаданасар өзүнүн бүт аскери менен Иерусалимге келип, аны курчап, анын тегерегине жал курду.

5 Ошентип, шаар Ситкия падышанын падышачылыгынын он биринчи жылына чейин курчоодо турду.

6 Төртүнчү айдын тогузунчу күнү шаарда ачкачылык күчөдү, ал жердин эли үчүн нан калбай калды.

7 Шаар дубалы талкаланып тешилди, ошондо бардык аскер адамдары качып жөнөштү, алар түн ичинде падыша багынын жанындагы эки дубалдын ортосундагы дарбазадан чыгып, чөлгө кеткен жол менен жөнөштү. Каздимдер болсо шаардын айланасында турушкан.

8 Каздим аскерлери падышанын артынан кууп жөнөштү. Алар Ситкияны Жерихо түздүгүндө кууп жетишти, ошондо аны өзүнүн аскерлери таштап, туш-тушка качып кетишти.

9 Алар падышаны колго түшүрүп, Хамат жериндеги Риблага, Бабыл падышасына алып келишти, падыша ага ошол жерде өкүм чыгарды.

10 Бабыл падышасы Ситкиянын уулдарын Ситкиянын көз алдында сайып өлтүрдү, ошондой эле Жүйүт төрөлөрүнүн бардыгын Риблада сайып өлтүрдү.

11 Ситкияны болсо эки көзүн оюп, жез кишен менен кишендеди. Анан аны Бабыл падышасы Бабылга алып кетип, зынданга каматып салды. Ал көзү өткөнчө зынданда болду.

**Ийбадаткананын талкаланышы**

12 Бешинчи айдын онунчу күнү (бул Бабыл падышасы Небухаданасардын бийлигинин он тогузунчу жылы эле) Бабыл падышасынын алдында турган кайтаруучулардын башчысы Небузарадан Иерусалимге келип,

13 Теңир үйүн, падышанын үйүн, Иерусалимдеги бүт үйлөрдү өрттөп жиберди, бардык чоң үйлөрдү өрттөп жиберди.

14 Анан кайтаруучулардын башчысы менен болгон бүт Каздим аскерлери Иерусалимдин айланасындагы бардык дубалдарды кыйратышты.

15 Эл ичиндеги жардыларды, шаарда калган башка элди, Бабыл падышасына өтүп кеткендерди, жалпы эле карапайым элдин калган калдыгын кайтаруучулардын башчысы Небузарадан туткундап кетти.

16 Кайтаруучулардын башчысы Небузарадан бул жердеги элдин жакырларынын бир нечесин гана жүзүмдүктөрдү багууга, жер айдоого калтырды.

17 Ал эми Теңир үйүндөгү жез мамыларды, жезден жасалган астына койгучтарды, Теңир үйүндөгү жез чараны каздимдер сындырып, алардын бардык жезин Бабылга алып кетишти.

18 Кудайга кызмат кылууда колдонулуучу казандарды, калактарды, бычактарды, чараларды, кашыктарды жана жез идиштердин бардыгын алып кетишти.

19 Табактарды, кычкачтарды, чөйчөктөрдү, казандарды, чырактандарды, жыпар жыттуу заттар түтөтүлүүчү идиштерди, алтындан болобу, күмүштөн болобу – бардык идиштерди кайтаруучулардын башчысы алып кетти.

20 Ошондой эле Сулайман падыша Теңир үйү үчүн жасаган эки мамыны, бир жез чараны, анын астында турган он эки жез өгүздү алып кетишти. Аларга кеткен жездин салмагын таразалоого мүмкүн эмес эле.

21 Ал мамылардын ар биринин узундугу он сегиз чыканак эле, ар бир мамыны он эки чыканак чынжыр курчап турган, ичи көңдөй мамылардын калыңдыгы төрт эли болгон.

22 Мамынын үстүндөгү таажы жезден жасалган, таажынын бийиктиги беш чыканак эле. Таажынын үстүндө тегерете курчалган анарлар да, тор да жезден жасалган. Экинчи мамынын үстүндө да ошондой анарлар бар эле.

23 Мамынын бардык тарабындагы жез анарлардын саны токсон алты болчу, тордун айланасындагы жез анарлардын саны жүз болчу.

**Жүйүттөрдүн туткундалып кетиши**

24 Кайтаруучулардын башчысы ошондой эле башкы ыйык кызмат кылуучу Сераяны, экинчи ыйык кызмат кылуучу Сепанияны жана босогодо турган үч күзөтчүнү алып кетти.

25 Шаардан болсо аскер адамдарынын башчысы болгон бир эбнухту, шаарда, падышанын алдында турган жети кишини, бул жердин элин аскерге каттаган башкы катчыны, шаардагы элдин ичинен алтымыш кишини алып кетти.

26 Кайтаруучулардын башчысы Небузарадан аларды Риблага, Бабыл падышасына алып кетти.

27 Бабыл падышасы аларды Хамат жериндеги Риблада өлтүрдү. Ошентип, Жүйүт өз жеринен туткундалып кетти.

28 Небуханасардын падышачылыгынын жетинчи жылында туткундалып кеткен элдин саны үч миң жыйырма үч.

29 Небуханасардын падышачылыгынын он сегизинчи жылында Иерусалимден сегиз жүз отуз эки адам туткундалып кеткен.

30 Небуханасардын падышачылыгынын жыйырма үчүнчү жылы кайтаруучулардын башчысы Небузарадан жүйүттөрдөн жети жүз кырк беш адамды туткундап кеткен. Бардыгы болуп төрт миң алты жүз адам туткундалып кеткен.

31 Жүйүт падышасы Жайакимдин туткундалып келгенине отуз жети жыл болгондо, он экинчи айдын жыйырма бешинчи күнү, Бабыл падышасы Эбил-Меродах өзүнүн падышачылыгынын биринчи жылы Жүйүт падышасы Жайахинди жогору көтөрүп, зындандан чыгарды.

32 Ал аны менен досторчо сүйлөшүп, анын тагын өзүнүн Бабылдагы падышаларынын тагынан жогору койду.

33 Ал анын зындан кийимин алмаштырды. Жайахин өмүрүнүн аягына чейин падышаныкынан тамактанды.

34 Анын көзү өткөнчө, падышадан ага күн сайын азык үзгүлтүксүз берилип турду.

**ЖЕРЕМИЯНЫН ЫЙЫ**

**1-БӨЛҮМ**

**Кыйраган Иерусалим үчүн кайгыруу**

1 Бир кезде көп элдүү болгон шаар жесир аялдай болуп жалгыз отурат! Элдердин арасындагы улуу шаар, дубандардын төрөсү салык төлөөчү болуп калды.

2 Түнкүсүн ал катуу ыйлайт, анын көзүнөн жаш куюлат. Аны сүйгөндөрдүн ичинен сооротор эч кимиси жок. Досторунун баары ага чыккынчылык кылышты, ага душман болуп калышты.

3 Жүйүт алааматтын, оор кулчулуктун айынан туткундалып кетти, бутпарастардын арасына көчүп барды, бирок тынчтык таба алган жок, куугунтуктагандардын баары аны тар жерлерде кууп жетишти.

4 Сион жолдору капаланып жатат, себеби майрамга барган эч ким жок. Анын бүт дарбазаларынын алды бош калды. Анын ыйык кызмат кылуучулары үшкүрүп жатышат, анын кыздары кайгыга батты, ал өзү да кайгырып жатат.

5 Ага өзүнүн душмандары башчылык кылып жатат, анын кас адамдары жыргап жашап жатышат, анткени Теңир ага өзүнүн көптөгөн мыйзамсыздыктары үчүн алаамат түшүрдү. Балдары душмандарынын алдына түшүп туткундалып кетишти.

6 Ошентип, Сион кызынан көрк кетти. Анын төрөлөрү жайыт таппаган бугулардай болуп калышты. Алсыраган алар куугунчулардын алдына түшүштү.

7 Иерусалим өзүнүн башына алаамат түшкөн күндөрү, азап чеккен күндөрү өзүнүн мурунку баалуулуктарын эстеди. Эли душмандын колунан кырылып жатканда, ага эч ким жардамга келген жок. Душмандары аны карап, анын ишемби күндөрүн шылдыңдап күлүп жатышат.

8 Иерусалим оор күнөөгө батты, ошондуктан жийиркеничтүү болуп калды. Мурда даңктап жүргөндөрдүн баары азыр аны жек көрө карашат, анткени анын жылаңачтыгын көрүштү, ал өзү да үшкүрүнө жүзүн бурат.

9 Анын этегинде ыпыластык бар эле, бирок ал өз келечеги жөнүндө ойлогон эмес, ошондуктан ал өзгөчө кемсинди, анын сооротору жок. «Теңир, менин башыма түшкөн оор күнгө назар сал, анткени душманым салтанат куруп жатат!»

10 Душман анын эң кымбат нерселерине колун сунду. Ал өзүнүн ыйык жайына бутпарастардын кантип кирип жатканын көрүп турат. Сен бутпарастарды Өзүңдүн ыйык жамаатыңа кирбесин деп буйругансың.

11 Анын бүт эли нан издеп үшкүрүп жатат, жанына кубат берчү тамак үчүн өзүнүн эң кымбат нерселерин берип жатат. «Теңир, кара, менин кандай кемсингенимди көр!

12 Жол менен өтүп бара жаткандар, силердин башыңарга мындай күн түшпөсүн! Карап көргүлөчү, мен чалдыккан оорудай оору бар бекен? Теңир мага Өзүнүн жалындаган каарын төккөн күнү жиберген оорудай оору бар бекен?

13 Жогору жактан Ал менин сөөктөрүмө от жиберди, от сөөктөрүмдү кургатты. Буттарыма тузак тартып, мени көмөлөнттү, мени жакыр жана күн сайын жапа чеккен адам кылды.

14 Менин мыйзамсыздыктарымдын моюнтуругу Анын колунда байланып турат. Алар бири-бирине байланып, мойнума салынды. Ал мени алсыратты. Теңир мени каршы турууга күчүм жетпеген душмандарымдын колуна салып берди.

15 Менин бүт күчтүүлөрүмдү Теңир өз жеримде кулатты. Менин уландарымды жок кылуу үчүн, мага каршы эл чакырды. Кызды, Жүйүт кызын, Теңир жүзүм сыгылуучу жайда тебелегенсип тебеледи.

16 Мен ушул тууралуу ыйлап жатам. Көзүмдүн жашы көл болду, анткени менин жанымды тирилте турган сооротуучу менден алыс. Балдарым кыргынга учурады, анткени душман мени жеңди».

17 Сион өз колун сунуп жатат, бирок анын сооротуучусу жок. Теңир душмандарга Жакыпты курчоону буйрук кылды. Алардын арасында Иерусалим жийиркеничтүү болуп калды.

18 «Теңир адилеттүү, анткени мен Анын сөзүнө моюн сунган эмесмин. Бардык элдер, уккула, менин оорумду көргүлө: кыздарым менен уулдарым туткундалып кетишти.

19 Досторумду чакырдым, бирок алар мени алдап кетишти. Ыйык кызмат кылуучуларым менен аксакалдарым жандарына бир аз кубат алыш үчүн, шаарда нан издеп үшкүрүп жүрүшөт.

20 Теңир, көз кырыңды сал, анткени мен Сага көшөрүп каршы турганым үчүн кыйналып жатам, жаным жай таппай жатат, жүрөгүм эңшерилип кетти. Сырттан кылыч мени балдарымдан ажыратты, ал эми үйүмдөн өлүм конуш алды.

21 Менин онтоп жатканымды угушту, бирок менин сооротуучум жок. Бүт душмандарым менин башыма түшкөн мүшкүл жөнүндө угуп, муну Сен кылганың үчүн кубанып жатышат. Оо, эгерде Сен Өзүң алдын ала айткан күндү кел деп буйруй турган болсоң, анда алар да мага окшоп калышат эле!

22 Алардын бардык кыянат иштери Сенин алдыңа келсе экен. Бүт күнөөлөрүм үчүн Сен мени кандай жазаласаң, аларды да ошондой жазала, анткени мен катуу онтоп жатам, жүрөгүм сыздап жатат».

**2-БӨЛҮМ**

**Иерусалимдин жазалангандыгы жөнүндө**

1 Теңир Сион кызына Өзүнүн каарынын кара булутун каптатты! Ысрайылдын көркүн асмандан жерге кулатты, Өзү каарданган күнү Өзүнүн буттары турган жерди эсине алган жок.

2 Теңир Жакыптын бардык турак жайларын талкалады, аяган жок. Теңир каарданып, Жүйүт кызынын чептерин кыйратып, жерге кулатты, анын падышачылыгын жана төрөлөрүн четке какты.

3 Катуу каарданып, Ысрайылдын бүт мүйүздөрүн сындырды. Душманга каршы сунулган Өзүнүн оң колун тартып алды, тегерегиндегинин баарын жалмаган, алоолонгон оттой болуп, Жакыпка каршы жалындады.

4 Душмандай болуп Өз жаасын тартты, жоодой болуп Өзүнүн оң колун каршы сунду, көздү суктанткандардын баарын өлтүрдү. Сион кызынын жыйын чатырына Өзүнүн каарын оттой төктү.

5 Теңир душмандай болуп калды, Ысрайылды жок кылды, анын бүт үйлөрүн кыйратты, анын чептерин талкалады, Жүйүт кызынын кайгысы менен ыйын көбөйттү.

6 Бактын тосмосун алып салгандай, Ал Өз коргонун алып салды. Өзүнүн жамааты чогулган жайды талкалады. Теңир Сиондо өткөрүлүүчү майрамдар менен ишемби күндөрдү эстен чыгарууга мажбур кылды. Катуу каарданып, падышаны жана ыйык кызмат кылуучуну четке какты.

7 Теңир Өзүнүн курмандык чалынуучу жайын четке какты, Өзүнүн ыйык жайынан Өзүнүн жүрөгүн буруп кетти, анын үйлөрүнүн дубалдарын душмандардын колуна салып берди. Теңирдин үйүндө алар майрам күндөгүдөй дуулдап жатышты.

8 Теңир Сион кызынын дубалдарын кыйратууга чечим чыгарды, аркан тартты, Өз колун тартып алган жок, кыйратуусун токтоткон жок. Сырткы чептерин талкалады, дубалдарын кошо кыйратты.

9 Анын дарбазалары жерге матырылып калды. Теңир алардын кулпуларын талкалады, сындырды. Анын падышасы да, төрөлөрү да бутпарастардын арасында. Алар үчүн мыйзам жок болуп калды, анын пайгамбарлары Теңирден көрүнүш көрбөй калышты.

10 Сион кызынын карылары баштарына күл чачып, зумбал курчанып, жерде унчукпай отурушат. Иерусалим кыздары баштарын жерге салышты.

11 Көз жашымды төгө берип, көзүм начарлап калды, жаным кыйналып жатат, өз элимдин кызынын кырылганынан улам боорум эзилип, жерге төгүлүп жатат. Анткени балдар менен эмчектеги ымыркайлар ачарчылыктан шаардын көчөлөрүндө өлүп жатышат.

12 Алар шаардын көчөлөрүндө жарадарларга окшоп өлүп бара жатып, энелерине: «Нан менен шарап кана?» – деп, энелеринин кучагында жан берип жатышат.

13 Мен сага эмнени айтсам болот, сени эмнеге салыштырсам болот, Иерусалим кызы? Кыз, Сион кызы, сооротуш үчүн сени эмнеге окшоштурсам болот? Анткени сенин жараатың деңиздей чоң. Сени ким сакайта алат?

14 Пайгамбарларың сага пайдасыз, жалган нерселерди айтышты, сени туткундалып кетүүдөн алдын ала сактап калыш үчүн мыйзамсыз иштериңди ачышкан жок. Сенин куугунтукталып кетүүңө себеп болгон жалган аяндарды айтышты.

15 Жолдо өтүп бара жаткандардын бардыгы сени көрүп, алакандарын шак коюп жатышат. Ышкырып, баштарын чайкап: «Сулуулуктун жеткилеңдиги, бүт жер жүзүнүн кубанычы деген шаар ушулбу?» – деп, Иерусалим кызы жөнүндө айтып жатышат.

16 Душмандарыңдын бардыгы ооздорун араандай ачып, ышкырып, тиштерин кычыратып: «Аны биз жуттук, биз ушул күндү гана күткөнбүз, күткөнүбүз келди, көзүбүз менен көрдүк», – деп жатышат.

17 Теңир эмнени белгилесе, ошону жүзөгө ашырды. Өзүнүн байыркы күндөрү айткан сөзүн аткарды, аёосуз талкалады. Душмандын сени жеңип кубануусуна жол берди, душмандарыңдын мүйүзүн жогору көтөрдү.

18 Алардын жүрөгү Теңирге кайрылып ыйлап жатат. Оо Сион кызынын дубалы! Көз жашыңды күнү-түнү дарыядай агыз, жаныңды жай алдырба, көзүңдүн каректерин эс алдырба.

19 Тур, түн ичинде кайрыл, ар бир күзөт маалы башталганда кайрыл: Теңирдин алдында жүрөгүңдү суудай төк. Көчөлөрдүн булуң-бурчтарында ачарчылыктан өлүп жаткан балдарыңдын жаны үчүн Ага колуңду сун.

20 «Кара, Теңир, көр, Сен кимге ушундай кылдың? Аялдар өз балдарын, эмчек берип баккан өз наристелерин жеп жатышат. Теңирдин ыйык жайында ыйык кызмат кылуучуну жана пайгамбарды өлтүрүп жатышат.

21 Балдар менен карылар жерде, көчөлөрдө жатышат. Кыздарым менен уландарым кылычтан өлүштү. Сен аларды Өзүң каарданган күнү өлтүрдүң, аёосуз сойдуң.

22 Сен мага коркунучтарды, майрамга чакыргандай, туш тараптан чакырдың. Теңир каарын төккөн күнү эч ким качып кутулган жок, эч ким тирүү калган жок. Багып өстүргөнүмдүн баарын өзүмдүн душманым жок кылды».

**3-БӨЛҮМ**

**Жеремиянын кайгырышы**

1 Мен Теңирдин каар таягынын соккусунан улам кайгыны баштан өткөргөн адаммын.

2 Ал мени жетелеп, жарыкка эмес, караңгылыкка киргизди.

3 Ал мага каршы бурулуп, күнү бою Өз колун менден тарткан жок.

4 Менин денем менен теримди жабыркатты, сөөктөрүмдү талкалады.

5 Мени тегерете тосту, мени кайгы жана кыйынчылык менен курчады.

6 Мени небак өлгөндөрдөй кылып, караңгы жерге отургузду.

7 Чыгып кетпесин деп, мени дубал менен курчады, кишендеримди оордотту.

8 Мен жалынып-жалбарып кайрылганымда, сыйынуумду токтотуп койду.

9 Менин жолдорумду таштар менен тосту, жолдорумду бузуп салды.

10 Ал мен үчүн буктурмада бугуп жаткан аюудай, жашыруун жерде жаткан арстандай болуп калды.

11 Ал менин жолдорумду бузуп салды, мени тытып таштады, мени киши санынан чыгарды.

12 Өз жаасын тартты, мени жаа үчүн бута кылып койду.

13 Өз саадагындагы жебелер менен бөйрөктөрүмө атты.

14 Мен өзүмдүн бүт элиме шылдың болдум, алардын күндөлүк ырына айландым.

15 Ал мени кайгыга тойгузду, мага эрмен ичирди.

16 Тиштеримди таш менен талкалады, мени күлгө оонатты.

17 Жанымдан тынчтык кетти, жакшы күн жөнүндө унутуп койдум.

18 Ошондо мен: «Алсырап калдым, Теңирге болгон үмүтүм үзүлдү.

19 Менин кайгым жөнүндө, кыйынчылыктарым жөнүндө, эрмен менен өт жөнүндө ойло», – дедим.

20 Аларды менин жаным тынымсыз эстеп, кыйналып жатат.

21 Мен өз жүрөгүмө мындай деп жооп берип, үмүт кылып жатам:

22 «Теңир ырайымдуу болгондуктан, биз жок болуп кеткен жокпуз, анткени Анын ырайымы түгөнгөн жок.

23 Анын ырайымы ар бир таңда жаңырып турат. Сенин ишенимдүүлүгүң зор!

24 Теңир менин бөлүгүм, – дейт менин жаным, – ошондуктан мен Андан үмүттөнөм».

25 Теңирден үмүттөнгөндөргө, Теңирди издеген адамга Теңир ырайымдуу.

26 Теңирдин куткаруусун чыдамкайлык менен күткөн адамга жакшы.

27 Жаш кезинде моюнтурук көтөргөн адамга жакшы.

28 Ал унчукпастан жалгыз отурат, анткени аны ага Теңир салды.

29 Ал оозун топуракка коюп: «Балким, дагы үмүт бардыр», – деп ойлойт.

30 Ал уруп жатканга бетин тосот, кордукка тоёт.

31 Бирок Теңир түбөлүккө таштабайт.

32 Кайгы жиберсе да, Өзүнүн улуу ырайымдуулугу менен ырайым кылат.

33 Анткени Ал адам уулдарын Өз жүрөгүнүн каалоосу боюнча жазалабайт, Өз жүрөгүнүн каалоосу боюнча кайгыга салбайт.

34 Бирок жер жүзүндөгү бардык туткундарды тебелеп жатышканда,

35 Бардыгынан Жогору Тургандын алдында адамды адилетсиз соттоп жатышканда,

36 адамды өз ишинде кысымга алып жатышканда, Теңир көрбөйт бекен?

37 «Теңир буйрук кылбаган нерселер деле боло берет», – деп, ким айтып жатат?

38 Алаамат да, тынчтык да Бардыгынан Жогору Тургандын оозунан чыккан буйрук боюнча болуп жаткан жокпу?

39 Жашап жаткан адам эмнеге кайгырып жатат? Ар ким өз күнөөлөрү үчүн кайгырсын.

40 Өзүбүздүн жолдорубузду сынайлы, изилдейли, анан Теңирге кайрылалы.

41 Асманда жашаган Кудайга жүрөгүбүз менен колубузду көтөрөлү:

42 «Биз күнөө кетирип, өжөрлөндүк, Сен кечирген жоксуң.

43 Сен Өзүңдү каар менен жаап алып, биздин артыбыздан түштүң, бизди өлтүрдүң, аяган жоксуң.

44 Биздин сыйынуубуз Сага жетпеш үчүн, Сен Өзүңдү булут менен жаап алдың.

45 Элдердин арасында Сен бизди таштандыга, жийиркеничке айланттың.

46 Душмандарыбыздын бардыгы бизге каршы ооздорун араандай ачышты.

47 Коркунуч жана ор, кыйроо жана бүлүнүү биздин энчибиз болду».

48 Элимдин кызы кыйрагандыктан, көзүмдүн жашы көл болуп жатат.

49 Көз жашым токтобой төгүлүп жатат, анткени жеңилдик жок.

50 Теңир асмандан качанга чейин көз кырын салбайт, качанга чейин көрбөйт?

51 Менин шаарымдын бүт кыздары үчүн көзүм жанымды кайгыга салып жатат.

52 Мага эч себепсиз душман болгондор мени чымчык сыяктуу торго түшүрүү үчүн, ар кандай аракет кылышты.

53 Менин өмүрүмдү орго салып, мага таш жаадырышты.

54 Суу башыма чейин көтөрүлдү, ошондо мен: «Өлдүм!» – дедим.

55 Теңир, терең ордун ичинен мен Сенин ысымыңды чакырдым.

56 Сен менин үнүмдү уктуң. Менин үшкүрүгүмдү, ыйымды укпаш үчүн, Өз кулагыңды жаап алба!

57 Мен Сени чакырганда, Сен жакын келип: «Коркпо!» – дечүсүң.

58 Теңир, Сен менин жанымдын ишин коргоп турчусуң, менин өмүрүмдү куткарып турчусуң.

59 Теңир, Сен менин таарынычымды көрүп турасың, менин ишимди чечип бер!

60 Сен алардын бүт кегин, алардын мага каршы ойлогон бүт оюн көрүп турасың.

61 Теңир, Сен алардын тилдегенин, алардын мага каршы ойлогон ойлорун угуп турасың.

62 Сен күн сайын мага каршы чыккандардын сөздөрүн, алардын мага каршы колдонгон айла-амалдарын угуп турасың.

63 Аларды карачы, отурса да, турса да, алардын ыры – мен.

64 Теңир, аларга кылган иштерине жараша тиешесин бере көр.

65 Алардын жүрөгүнө караңгылык жибер, аларга Өзүңдүн каргышыңды жибер.

66 Теңир, каарың менен алардын артынан түш, аларды асман астынан жок кыл.

**4-БӨЛҮМ**

**Иерусалимдин жазалангандыгынын себептери**

1 Алтын кандай карарды! Эң жакшы алтын кандай өзгөрдү! Ыйык жайдын таштары көчөлөрдүн кесилишине чачылды.

2 Сиондун таза алтынга барабар кымбат баалуу уулдары карапачы жасаган чопо идиштерге окшоп калышты!

3 Чөөлөр да эмчек берип, балдарын тойгузуп жатат, менин элимдин кызы болсо чөлдөгү төө кушка окшоп, таш боор болуп калды.

4 Суусаганынан эмчектеги баланын тили таңдайына жабышып калды. Балдар нан сурап жатышат, бирок аларга нан берген эч ким жок.

5 Таттуу тамак жегендер көчөлөрдө соолуп жатышат. Кочкул кызыл кийим кийип чоңойгондор кык кучактап жатышат.

6 Элимдин кызынын күнөөсү үчүн алган жазасы Содомдун күнөөсү үчүн алган жазасынан ашып түштү: Содом көз ачып-жумгуча кулатылган, ага адамдын колу тийген эмес.

7 Элимдин төрөлөрү кардан таза, сүттөн ак болчу. Алардын денеси маржандан сулуу, ал эми көрүнүшү сапфирдей эле.

8 Азыр болсо алардын жүзү бардык кара нерседен да кара. Көчөлөрдө аларды таанышпайт. Алардын териси сөөктөрүнө жабышып, жыгачтай болуп куурап калды.

9 Кылычтан өлгөндөр ачарчылыктан өлгөндөргө караганда бактылуу, анткени булар талаа жемиштеринин жетишпегендигинен кыйналып өлүп жатышат.

10 Менин элимдин кызы кыйрап жаткан убакта жүрөгү жумшак аялдар өздөрүнө тамак болуш үчүн, өз балдарын бышырышты.

11 Теңир Өзүнүн каарын, Өзүнүн жалындаган каарын төктү, Сион шаарына от койду, ал от шаардын негиздерин жалмады.

12 Иерусалимдин дарбазасынан душман менен жоо кирет деп, жер жүзүнүн падышалары жана ааламда жашагандардын баары ишенишкен эмес.

13 Мунун баары анын жалган пайгамбарларынын күнөөлөрү үчүн, шаардын ичинде адил адамдардын канын төккөн анын ыйык кызмат кылуучуларынын мыйзамсыздыктары үчүн болду.

14 Көчөлөрдө сокурлардай тентиреп жүрүштү, канга булганышты, ошондуктан алардын кийимдерине кол тийгизүү мүмкүн эмес эле.

15 Алардын алдында: «Четке чыккыла! Таза эмес!» – деп кыйкырышты. «Четке чыккыла, четке чыккыла, кол тийгизбегиле!» – дешти. Ошондо алар уялып, кетип жатышты. Элдер арасында болсо: «Алар бул жерде калышпасын, – деп жатышты.

16 Теңирдин жүзү аларды чачат. Теңир эми аларды карабайт, анткени алар ыйык кызмат кылуучуларды сыйлашпайт, аксакалдарга ырайым кылышпайт».

17 Биздин көзүбүз келбес жардамды күтүп талыды. Өзүбүздүн күзөт мунарабыздан бизди куткара албай турган элди күттүк.

18 Өз көчөлөрүбүздө баса албашыбыз үчүн, алар биздин ар бир кадамыбызды аңдып турушту. Биздин акыркы күнүбүз жакындап калды, күнүбүз бүттү, биздин акыркы күнүбүз келди.

19 Бизди куугунтуктагандар асмандагы бүркүттөрдөн да ыкчам эле. Алар тоолордо бизди кууп жүрүштү, чөлдө биз үчүн буктурма коюп жатышты.

20 Биздин өмүрүбүздүн деми – Теңирдин майланганы алардын оруна түштү. Биз ал жөнүндө: «Биз элдер арасында анын көлөкөсү астында жашайбыз», – дечү элек.

21 Эдом кызы, Ус жеринин тургуну, кубан, шаттан! Каарга толгон чөйчөк сага да жетет. Мас болгуча ичип, жылаңачтанасың.

22 Сион кызы! Сенин мыйзамсыздыгың үчүн жазалоо бүттү. Ал сени мындан ары кууп чыкпайт. Бирок мыйзамсыздыгың үчүн, Эдом кызы, Ал сени жазалайт, күнөөлөрүңдү ачат.

**5-БӨЛҮМ**

**Элдин ырайым сурап сыйынышы**

1 Теңир, биздин башыбызга эмне түшкөнүн эсте. Көз кырыңды сал, биздин кордолгонубузду кара.

2 Биздин мурасыбыз чоочун элге өттү, үйлөрүбүз бөтөн урууларга өттү.

3 Биз атасыз жетим калдык, энелерибиз жесирлердей болуп калышты.

4 Биз өзүбүздүн суубузду күмүшкө сатып алып ичип жатабыз, өз отундарыбызды акчага алып жатабыз.

5 Мойнубузга моюнтурук салып айдап алышты, биз иштеп жатабыз, бизде эс алуу жок.

6 Нанга тоюш үчүн, мисирликтер менен ашурлуктарга колубузду сунуп жатабыз.

7 Биздин ата-бабаларыбыз күнөөгө батышкан, азыр алар жок. Алардын мыйзамсыздыктары үчүн биз жазаланып жатабыз.

8 Бизге кулдар үстөмдүк кылып жатышат, бизди алардын колунан куткарып алчу эч ким жок.

9 Өмүрүбүздү кылыч коркунучуна салып, чөлдө өзүбүзгө нан таап жатабыз.

10 Жанга баткан ачкачылыктан терибиз мештей карарып кетти.

11 Сиондо аялдардын, Жүйүт шаарларында кыздардын абийирин булгап жатышат.

12 Төрөлөрдү асышты, аксакалдарды урматташкан жок.

13 Уландарды тегирмен таштарын айлантууга алып жатышат, өспүрүмдөр көтөргөн отундарынын оордугунан жыгылып жатышат.

14 Аксакалдар дарбаза алдында отурбай калышты, уландар ырдабай калышты.

15 Жүрөгүбүз кубанбай калды, ыр-бийлерибиз кайгы-муңга айланды.

16 Башыбыздан таажы түштү. Бизге кайгы, анткени биз күнөөгө баттык!

17 Мына ошон үчүн жүрөгүбүз кыйналып жатат, ошон үчүн көздөрүбүз тунарды.

18 Сион тоосу ээн калгандыктан, түлкүлөр жойлоп жүрөт.

19 Сен, Теңир, түбөлүктүүсүң. Сенин тагың укумдан-тукумга турат.

20 Эмне үчүн бизди таптакыр эсиңден чыгарып салдың? Эмне үчүн бизди узак убакытка таштап койдуң?

21 Теңир, бизди Өзүңө кайры, ошондо биз Сага кайрылабыз. Биздин күндөрүбүздү байыркы күндөрдөгүдөй кылып жаңырт.

22 Чын эле, Сен бизди биротоло четке кагып салдыңбы, бизге катуу каардандыңбы?

**ЖЕЗЕКИЕЛ**

**1-БӨЛҮМ**

**Теңирдин даңкынын көрүнүшү**

1 Мындай болду: отузунчу жылдын төртүнчү айынын бешинчи күнү Кебар дарыясынын жанында, көчүрүлгөндөрдүн арасында жүргөндө, асман ачылды, ошондо мен Кудайдын көрүнүштөрүн көрдүм.

2 Айдын бешинчи күнү (Жайахин падышанын туткундалып кеткенине беш жыл болгондо),

3 Каздим жеринде, Кебар дарыясынын жанында, ыйык кызмат кылуучу Бузинин уулу Жезекиелге Теңирден сөз болду. Ошол жерде Теңирдин колу анын үстүндө болду.

4 Ошондо мен муну көрдүм: түндүктөн дуулдаган шамал келди, зор булут, алоолонгон от жана булуттун тегерегинде жарык.

5 Ал эми анын ортосунан чыккан жарык оттун ичинен чыккан жалындын жарыгындай эле. Анын ортосунан төрт тирүү жандык көрүндү, алардын кебетелери адамдыкына окшош эле.

6 Ар биринин төрттөн бети жана төрттөн канаты бар эле.

7 Ал эми алардын буттары болсо түптүз экен, алардын буттарынын таманы музоонун буттарынын таманындай экен, алар жалтырак жездей жаркылдап турган эле.

8 Алардын төрт капталында, канаттарынын астында адамдыкындай колдору бар экен.

9 Төртөөнүн тең беттери жана канаттары бар эле. Алардын канаттары бири-бирине тийишип турат экен. Жүрүп бара жатышканда, алар артына бурулушкан жок, ар бири өзүнүн бет алды жагын карай жүрдү.

10 Алардын беттеринин окшоштугу болсо мындай: аларда адамдын бети, төртөөнүн тең оң жагында арстандын бети, төртөөнүн тең сол жагында буканын бети, төртөөндө тең бүркүттүн бети бар эле.

11 Алардын беттери да, алардын канаттары да жогору жагынан бөлүнгөн, бирок ар биринин эки канаты бири-бирине тийишип турат экен, ал эми калган эки канаты алардын денелерин жаап турат экен.

12 Алардын ар бири өзүнүн бет алды жагын карай жүрдү. Рух кайда кааласа, ошол жакка жүрүштү. Жүрүп бара жатышканда, алар артына бурулушкан жок.

13 Бул жаныбарлардын сырткы көрүнүшү күйүп жаткан көмүрдүн көрүнүшүндөй, чырактандын көрүнүшүндөй экен. От жаныбарларды аралап жүрдү, оттон жаркыроо жана чагылган чыгып турду.

14 Жаныбарлар чагылган жаркылдагандай, тиги жакка да, бул жакка да тез жылып жүрүштү.

15 Мен жаныбарларды карап турдум, жерде, бул төрт жаныбардын жанында, алардын төрт бетинин алдында бирден дөңгөлөк турду.

16 Алардын дөңгөлөктөрүнүн көрүнүшү жана түзүлүшү топаз ташына окшош экен, төртөөнүн тең түрү бир. Алардын көрүнүшү жана түзүлүшү дөңгөлөктүн ичинде дөңгөлөк тургандай.

17 Алар жүрүшкөндө, өз бет алдынча төрт тарапка жүрүштү. Жүрүү убагында артына бурулушкан жок.

18 Алардын алкактары бийик да, коркунучтуу да эле. Төртөөнүн тең алкактары тегерете көзгө толгон.

19 Жаныбарлар жүргөндө, алардын жанында дөңгөлөктөр да жүрдү. Жаныбарлар жерден көтөрүлгөндө, дөңгөлөктөр да көтөрүлдү.

20 Рух каякка жүргүсү келсе, алар да ошол жакка жүрүштү. Рух кайда барбасын, дөңгөлөктөр да алар менен бирдей көтөрүлдү, анткени жаныбарлардын руху дөңгөлөктөрдө эле.

21 Тигилер жүргөндө, булар да жүрүштү. Тигилер токтогондо, булар да токтошту. Тигилер жерден көтөрүлгөндө, дөңгөлөктөр да алар менен бирдей көтөрүлдү, анткени жаныбарлардын руху дөңгөлөктөрдүн ичинде эле.

22 Жаныбарлардын баштарынын үстүндөгү көмкөрүлгөн асманга окшогон нерсе укмуштуу кристаллдай эле, ал жогорудан алардын баштарынын үстүнө жайылып турду.

23 Ал эми көмкөрүлгөн асмандын астында алардын канаттары бири-бирине түз жайылып турду, ар биринин өздөрүн жапкан экиден канаты бар эле, ар биринин эки канаты денелерин жаап турду.

24 Алар жүргөндө, канаттарынын дабышын уктум. Ал дабыш чоң суулардын дабышындай, Кудуреттүүнүн үнүндөй, аскер кошуунунун чуусундай эле. Алар токтогондо, канаттарын түшүрүп коюп жатышты.

25 Алар токтоп, канаттарын түшүрүшкөндө, алардын баштарынын үстүндөгү көмкөрүлгөн асмандан үн чыкты.

26 Алардын баштарынын үстүндөгү көмкөрүлгөн асмандын үстүндө болсо жакут таштан жасалган тактыга окшош нерсе бар эле. Ал эми тактыга окшош нерсенин үстүндө адамга окшош бирөө отурган.

27 Мен анын ичинен тегерете чыгып жаткан от сыяктуу, жалындаган металлга окшош нерсени көрдүм. Анын белинен өйдө жана белинен ылдый кандайдыр бир отту көрдүм, анын айланасы жаркырап турду.

28 Жамгыр жаап жатканда, булут бетиндеги көк желенин көрүнүшү кандай болсо, анын тегерегиндеги жаркырактын көрүнүшү да ошондой эле.

**2-БӨЛҮМ**

1 Теңирдин даңкына окшогон көрүнүш ушундай эле. Мен муну көргөндө, жүзтөмөндөп жерге жыгылдым, ошондо Сүйлөп Жаткандын үнүн уктум, Ал мага: «Адам уулу! Тур, Мен сени менен сүйлөшөм», – деди.

**Пайгамбардын кызматка чакырылышы**

2 Ал сүйлөп жатканда, мага рух кирип, мени өйдө тургузду, ошондо мен Сүйлөп Жатканды уктум.

3 Ал мага мындай деди: «Адам уулу! Мен сени Ысрайыл уулдарына, Мага каршы чыккан, баш ийбеген адамдарга, жиберип жатам. Алар да, алардын ата-бабалары да ушул күнгө чейин Менин алдымда күнөө кылып келе жатышат.

4 Бул уулдар көк бет, жүрөктөрү таш, Мен сени ошолорго жиберип жатам, сен аларга: "Кудай-Теңир мындай дейт!" – деп айтасың.

5 Алар угабы же укпайбы, (анткени алар – козголоңчул тукум), бирок өздөрүнүн арасында пайгамбар болгонун билишсин.

6 Сен болсо, адам уулу, алардан да, алардын сөздөрүнөн да коркпо. Эгерде алар сен үчүн тикенек болсо да, сен чаяндар арасында жашасаң да, алардын сөздөрүнөн коркпо, алардын жүздөрүнөн үрөйүң учпасын, анткени алар – козголоңчул тукум.

7 Алар угабы же укпайбы, аларга Менин сөзүмдү айт, анткени алар – өжөр эл.

8 Сен болсо, адам уулу, Мен сага эмнени айтсам, ошону ук: Сен бул козголоңчул тукумга окшоп өжөр болбо. Оозуңду ачып, Мен сага эмнени берсем, ошону же».

9 Ошондо мага сунулган колду көрдүм, ал колдо түрмөк китеп бар экен.

10 Ал аны менин алдымда ачты, китептин ичи да, сырты да жазылуу экен, ал китепте: «Ый, онтоо, кайгы», – деп жазылыптыр.

**3-БӨЛҮМ**

1 Ал мага: «Адам уулу! Сенин алдыңда эмне турса, ошону же, бул түрмөк китепти же, анан бар, Ысрайыл үйүнө айт», – деди.

2 Ошондо мен оозумду ачтым, Ал мага бул түрмөк китепти жегенге берди.

3 Ал мага: «Адам уулу! Мен берип жаткан бул түрмөк китепке курсагыңды тойгуз жана ичиңди толтур», – деди. Ошондо мен аны жедим, ал оозумдун ичинде балдай таттуу эле.

4 Анан Ал мага мындай деди: «Адам уулу! Тур, Ысрайылга бар, аларга Менин сөздөрүмдү айт.

5 Анткени сен татаал, түшүнүксүз тилде сүйлөгөн элге жиберилип жаткан жоксуң, сен Ысрайылга жиберилип жатасың.

6 Сен сөздөрүн түшүнө албаган, татаал, түшүнүксүз тилде сүйлөгөн көп элдерге жөнөтүлүп жаткан жоксуң. Эгерде Мен сени аларга жиберген болсом, алар сени угушмак.

7 Ысрайыл болсо сени уккусу келбейт, анткени алар Мени уккусу келбейт. Анткени бүт Ысрайылдын чекеси катуу, жүрөгү таш.

8 Мен алардын жүздөрүнө каршы сенин жүзүңдү катуу кылдым жана алардын чекесине каршы сенин чекеңди катуу кылдым.

9 Мен сенин чекеңди таштан да катуу болгон алмаздай кылдым. Алардан коркпо, алардын жүздөрүнөн үрөйүң учпасын, анткени алар – козголоңчул тукум».

10 Анан Ал мага мындай деди: «Адам уулу! Менин сага айта турган сөздөрүмдүн баарын жүрөгүң менен кабыл ал, кулагың менен ук.

11 Тур, өз элиңдин туткунда жүргөн уулдарына бар, алар менен сүйлөш, аларга айт: "Кудай-Теңир мындай дейт!" Алар укса да, укпаса да айт».

12 Анан мени рух көтөрдү. Ошондо мен өзүмдүн артымдан «Теңирдин даңкы өз ордунда баталуу!» деген күркүрөгөн катуу үндү уктум.

13 Ошондой эле жаныбарлардын бири-бирине тийишип турган канаттарынын дабышын, алардын жанындагы дөңгөлөктөрдүн түкүлдөгөнүн жана катуу добушту уктум.

14 Мени рух көтөрүп алып кетти. Мен капаланып, тынчсызданган рухум менен бара жаттым. Теңирдин менин үстүмдөгү колу күчтүү эле.

15 Мен Тел-Абипте туткунда жүргөндөргө, Кебар дарыясынын жээгинде жашап жаткандарга келдим, алар жашаган жерге келип токтодум. Алардын арасында таң калуу менен жети күндү өткөрдүм.

**Теңирдин Жезекиелди сакчы коюшу**

16 Жети күн өткөндөн кийин мага Теңирден сөз болду:

17 «Адам уулу! Мен сени Ысрайылга сакчы кылып койдум, сен Менин оозумдан чыккан сөздөрдү угуп, аларды Менин атымдан эскертесиң.

18 Мен мыйзамсыз адамга: “Сен өлөсүң”, – деп айтканда, сен аны алдын ала эскертпесең, мыйзамсыз адам тирүү калыш үчүн, аны мыйзамсыз жолунан сакташ үчүн, аны менен сүйлөшпөсөң, анда мыйзамсыз адам өзүнүн мыйзамсыздыгы үчүн өлөт, анын канынын кунун Мен сага төлөтөм.

19 Эгерде сен мыйзамсыз адамды алдын ала эскерткен болсоң, бирок ал өзүнүн мыйзамсыздыгынан, өзүнүн мыйзамсыз жолунан бурулбаса, анда ал өз мыйзамсыздыгы үчүн өлөт, сен болсо өз жаныңды сактап калдың.

20 Эгерде адил адам өзүнүн адилдигинен четтеп, мыйзамсыздык кылса, анда Мен анын алдына тоскоолдук коём, ошондо ал өлөт. Сен аны алдын ала эскертпеген болсоң, ал өзүнүн күнөөсү үчүн өлөт, анын адил иштери эске алынбайт. Анын канынын кунун Мен сага төлөтөм.

21 Адил адам күнөө кылбашы үчүн, сен ага алдын ала эскертсең, ал күнөө кылбаса, анда ал тирүү болот, анткени ал эскертилди. Сен да өз жаныңды сактап калдың».

**Теңирдин Жезекиелге берген буйругу**

22 Ошол жерде Теңирдин колу менин үстүмдө эле. Ал мага: «Тур, талаага чык, Мен сени менен ошол жерде сүйлөшөм», – деди.

23 Мен туруп, талаага чыктым. Ошол жерде Кебар дарыясынын жээгинен мен көргөн даңкка окшош Теңирдин даңкы турган экен. Ошондо мен жүзтөмөндөп жыгылдым.

24 Мага рух кирип, мени өйдө тургузду. Ал мени менен сүйлөшүп, мындай деди: «Үйүңө барып бекин.

25 Адам уулу, сени жип менен байлап салышат, сен аларга бара албай каласың.

26 Мен сенин тилиңди таңдайыңа жабыштырам, ошондо сен дудук болуп, алардын айыбын ашкере кылуучу болбойсуң, анткени алар – козголоңчул тукум.

27 Бирок Мен сени менен сүйлөшкөндө, сенин оозуңду ачам, ошондо сен аларга айтасың: “Кудай-Теңир мындай дейт!” Кимдин уккусу келсе, ал уксун. Кимдин уккусу келбесе, ал укпай эле койсун, анткени алар – козголоңчул тукум».

## 4-БӨЛҮМ

**Иерусалимдин курчоого алынары жөнүндө пайгамбарчылык**

1 «Сен, адам уулу, кыш ал, аны өзүңдүн алдыңа кой, анан ага Иерусалим шаарынын сүрөтүн тарт.

2 Аны курчоого ал, ага каршы чеп кур, анын тегерегине жал үй, кошуун жайгаштыр, тегерете дубал бузгучтарды кой.

3 Темир таба алып, аны өзүң менен шаардын ортосуна темир дубал катары кой, анан шаарга жүзүңдү бур. Ал курчоодо калат, сен аны курчоого ал. Бул Ысрайылга белги болот.

4 Сол капталың менен жат, анан анын үстүнө Ысрайылдын мыйзамсыздыгын кой. Сол капталың менен жаткан күндөрдүн санына жараша сен алардын мыйзамсыздыгын көтөрөсүң.

5 Мен сага алардын мыйзамсыздык кылган жылдарынын санын күндөрдүн саны менен белгилеп бердим: Ысрайылдын мыйзамсыздыгын сен үч жүз токсон күн көтөрөсүң.

6 Муну аткаргандан кийин, кийинки жолу оң капталың менен жат, Жүйүттүн мыйзамсыздыгын кырк күн көтөр, бир күн бир жылга барабар, Мен сага бир күндү бир жылга белгилеп бердим.

7 Жүзүңдү жана жылаңач оң колуңду Иерусалим курчоосуна бур, анан ага каршы пайгамбарчылык кыл.

8 Мен сага кишен салдым, сенин курчоодо турган күндөрүң бүтмөйүнчө, бир капталыңдан экинчи капталыңа оодарылбайсың.

9 Өзүңө буудай, арпа, буурчак, жасмык, таруу жана кара буудай алып, аларды бир идишке салып, алардан капталың менен жаткан күндөрдүн саны боюнча нан жаса. Аларды сен үч жүз токсон күн жейсиң.

10 Жей турган тамагыңды таразага тартып, күнүнө жыйырма шекелден же, аны эртеден кечке чейин өз маалы менен же.

11 Сууну да өлчөмү менен ич, гиндин алтыдан бир бөлүгүн ич. Эртеден кечке чейин өз убагы менен ушинтип ич.

12 Аларды элдин көз алдында арпа нандай кылып адамдын заңына бышырып же».

13 Анан Теңир мындай деди: «Ысрайыл уулдары Мен аларды кайсы элдердин арасына кууп жиберсем, ошол элдердин арасында ушинтип таза эмес нан жешет».

14 Ошондо мен: «Оо Кудай-Теңирим! Менин жаным эч качан булганган эмес, жаш чагымдан ушул күнгө чейин тарпты да, жырткыч тытып кеткенди да жеген эмесмин. Эч кандай таза эмес эт оозума алган эмесмин», – дедим.

15 Ошондо Ал мага: «Мен сага адамдын заңынын ордуна уйдун тезегин уруксат кылам, наныңды ошого бышыр», – деди.

16 Анан мага: «Адам уулу! Мен Иерусалимдеги нан булагын кыйратам. Ошондо алар нанды өлчөп, кайгырып жешет, сууну да өлчөп, көңүлдөрү чөгүп ичишет.

17 Себеби аларда суу менен нан жетишсиз болот. Алар бири-бирине коркунуч менен карашат, өз мыйзамсыздыгы үчүн соолуп жок болушат, – деди.

**5-БӨЛҮМ**

**Ысрайыл тарта турган үч жаза**

1 Сен, адам уулу, өзүңө бир курч бычак ал. Аны өзүңө сакал алгыч устара катары алып, аны менен башыңдагы чачыңды, сакалыңды ал. Анан тараза алып, чачыңды үч бөлүккө бөл.

2 Курчоо күндөр бүткөндө, анын үчтөн бир бөлүгүн шаардын ортосунда өрттө. Үчтөн бир бөлүгүн шаардын тегерегине бычак менен кескилеп сал. Үчүнчү бөлүгүн шамалга сапырып жибер. Мен болсо алардын артынан кылычты кынынан сууруйм.

3 Бир аз чач алып, аларды өзүңдүн этегиңе байлап ал.

4 Алардан да алып, отко ыргытып өрттөп жибер. Ошол жерден бүт Ысрайылга каршы от чыгат».

5 Кудай-Теңир мындай дейт: «Бул – Иерусалим! Мен аны элдердин арасына койдум, ал эми анын тегерегинде – өлкөлөр.

6 Ал болсо Менин буйруктарыма каршы бутпарастардан да жаман иш кылды, Менин мыйзамдарыма каршы өзүнүн айланасындагы өлкөлөрдөн да жаман иш жасады, анткени алар Менин буйруктарымды четке кагышты, Менин мыйзамдарым боюнча жүрүшкөн жок».

7 Ошондуктан Кудай-Теңир мындай дейт: «Силер айланаңардагы бутпарас элдерден да көп мыйзамсыздык кылдыңар, Менин мыйзамдарым боюнча жүргөн жоксуңар, Менин буйруктарымды аткарган жоксуңар, жада калса, өзүңөрдүн тегерегиңерде жашаган бутпарас элдердин мыйзамдары боюнча жүргөн жоксуңар.

8 Ошондуктан Кудай-Теңир мындай дейт: Мен да сага каршымын, Мен Өзүм сени бутпарас элдердин көз алдында жазалайм.

9 Сенин бардык ыпылас иштериң үчүн Мен сага эч качан кылбаган жана мындан ары да кылбай турган нерсени кылам.

10 Ошон үчүн сенин ичиңде аталары балдарын, балдары аталарын жешет. Сени жазалайм, сенин бүт калдыгыңды туш тарапка сапырам.

11 Ошон үчүн – дейт Кудай-Теңир, – Мен тирүүмүн, сен Менин ыйык жайымды өзүңдүн бардык жийиркеничтериң жана ыпыластыктарың менен булгагандыгың үчүн Мен сени азайтам, Менин көзүм сени аябайт, Мен сага ырайым кылбайм.

12 Сенин элиңдин үчтөн бир бөлүгү жугуштуу оорудан өлөт, сенин ичиңде ачкачылыктан кырылат. Үчтөн бир бөлүгү сенин айланаңда кылычтан кырылат. Ал эми үчтөн бир бөлүгүн туш тарапка сапырып, алардын артынан кылычты кынынан сууруйм.

13 Ошентип, Мен бүт каарымды төгөм; ошентип, Өзүмдүн аларга болгон каарымды кандырам; ошентип, Мен канагаттанам. Менин аларга болгон бүт каарым төгүлгөндө, Мен, Теңир, аларга кызганчаактык менен айтканымды билишет.

14 Сени өзүңдүн тегерегиңде жашаган элдердин арасында, сенин жаныңдан өткөндөрдүн көз алдында чөлгө айландырам, маскара кылам.

15 Мен сени Өзүмдүн каарым менен, ачуум менен, катуу жазалар менен жазалап жатканда, сен өзүңдүн тегерегиңде жашаган элдерге шылдың, маскара, сабак жана коркунуч болосуң, муну Мен, Теңир, айттым.

16 Сага каршы ачкачылыктын катаал жебелерин жиберем, алар сени жок кылат, ачкачылыкты күчөтөм, нан булактарыңды кыйратам.

17 Сага ачкачылык жана катаал жырткычтарды жиберем, алар сени балдарыңдан ажыратат. Сени жугуштуу оору жана кан аралап өтөт, сага каршы кылыч жиберем, муну Мен, Теңир, айттым».

**6-БӨЛҮМ**

**Бутка табынуучулукту айыптоо**

1 Теңирден мага сөз болду:

2 «Адам уулу! Ысрайыл тоолоруна жүзүңдү бур, аларга каршы пайгамбарчылык кыл,

3 аларга айт: "Ысрайыл тоолору! Кудай-Теңирдин сөзүн уккула. Кудай-Теңир тоолорго жана адырларга, өрөөндөргө жана кокту-колотторго мындай дейт: «Мен силерге каршы кылыч жиберем, бийик жерлердеги бутканаларыңарды кыйратам.

4 Курмандык чалынуучу жайларыңар кыйратылат, күнгө арнап тургузган мамыларыңар талкаланат, өлтүрүлгөн адамдарыңарды жасалма кудайларыңардын алдына ыргытам.

5 Ысрайыл уулдарынын өлүктөрүн өздөрүнүн жасалма кудайларынын алдына коём, сөөктөрүңөрдү курмандык чалынуучу жайларыңардын тегерегине чачам.

6 Курмандык чалынуучу жайларыңар кыйратылып талкаланышы үчүн, жасалма кудайларыңар талкаланып жок болушу үчүн, күнгө арналган мамыларыңар талкаланышы үчүн, иштериңер түп-тамыры менен жок кылынышы үчүн, силер жашаган бардык шаарлар кыйратылат, бийик жерлердеги бутканаларыңар талкаланат.

7 Адамдарыңарды өлтүрүшөт, ошондо Менин Теңир экенимди билесиңер.

8 Бирок Мен калдык калтырам: силер кайсы өлкөлөрдө чачылып жүрсөңөр, ошол өлкөлөрдөгү элдердин арасында кылычтан аман калган элиңер болот.

9 Аман калып, элдердин арасына туткундалып кеткен элиңер Мен алардын Менден баш тарткан, бузулган жүрөгүн, буркандардын артынан ээрчиген бузулган көздөрүн кыйратканда, Мен жөнүндө эстешет жана өздөрүнөн, өздөрү кылган кыянат иштеринен, ыпыластыктарынан жийиркенишет.

10 Ошентип, алар Менин Теңир экенимди билишет. Аларга ушундай алаамат каптатам деп бекер айтпаганымды билишет»".

11 Кудай-Теңир мындай дейт: "Кол чап, бутуң менен жер теп, анан айт: «Ысрайыл үйүнүн бардык жийиркеничтүү кыянат иштери үчүн кайгы! Алар кылычтан, ачарчылыктан жана жугуштуу оорудан өлүшөт.

12 Ким алыста болсо, ал жугуштуу оорудан өлөт. Ким жакын жерде болсо, ал кылычтан өлөт. Ал эми курчоодо калган ачкачылыктан өлөт»". Өзүмдүн аларга болгон каарымды ушинтип бүт төгөм.

13 Өлтүрүлгөндөр өздөрүнүн курмандык чалынуучу жайларынын тегерегиндеги жасалма кудайларынын арасында жатканда, ар кандай бийик дөбөлөрдө, ар кайсы тоонун чокусунда, ар кандай жашыл дарактардын түбүндө, ар кандай бутактуу эмендин түбүндө, өздөрүнүн жасалма кудайларына жыпар жыттуу зат түтөткөн жерлерде жатканда, силер Менин Теңир экенимди билесиңер.

14 Ошентип, Мен аларга каршы колумду сунуп, бул жерди, чөлдөн Диблага чейин, алар жашаган бардык жерлерди, чөлгө жана ээн талаага айландырам, ошондо алар Менин Теңир экенимди билишет».

**7-БӨЛҮМ**

**Теңирдин Ысрайылга өзүнүн жолдоруна жараша мамиле кылышы**

1 Теңирден мага сөз болду:

2 «Сен, адам уулу, айт: Кудай-Теңир мындай дейт: "Ысрайыл жеринин акыры келди, өлкөнүн төрт тарабынын акыры келди.

3 Эми сенин күнүң бүттү. Сага каршы Өзүмдүн каарымды жиберем, сени жолдоруңа жараша жазалайм, жийиркеничтүү иштериңдин баарын өзүңө жүктөйм.

4 Менин көзүм сени аябайт, сага ырайым кылбайм, жолдоруңа жараша тиешеңди берем, жийиркеничтүү иштериң өзүң менен болот, ошондо Менин Теңир экенимди билесиңер"».

5 Кудай-Теңир мындай дейт: «Кырсык, мына, бир кырсык келе жатат.

6 Акыры келди, акыры келди, ал сага каршы көтөрүлдү, мына, жетти.

7 Кырсык сага жетти, өлкөнүн тургуну! Убакыт келди, ал күн жакын, тоолордогу кубанычтуу кыйкырыктын күнү эмес, дүрбөлөңдүү күн келерине жакын калды.

8 Мына, Мен жакында сенин үстүңө Өзүмдүн каарымды төгөм, Өзүмдүн сага каршы ачуумду бүт төгөм, сени жолдоруңа жараша жазалайм, жийиркеничтүү иштериңдин баарын өзүңө жүктөйм.

9 Менин көзүм сени аябайт, сага ырайым кылбайм, жолдоруңа жараша тиешеңди берем, жийиркеничтүү иштериң өзүң менен болот, ошондо Менин жазалоочу Теңир экенимди билесиңер.

10 Мына, ал күн, мына, келди! Сенин убагың келди! Таяк гүлдөдү, текебердик өрчүп кетти.

11 Кыянаттык мыйзамсыздыктын таягына айланды. Алардан, алардын тукумунан эч ким калбайт, алардын байлыгынан эч нерсе калбайт, аларды жоктоп ыйлашпайт.

12 Убакыт келди, күн жакындады. Сатып алган адам кубанбасын, саткан адам ыйлабасын, анткени каар алардын көп сандаган элинин үстүндө.

13 Анткени саткан адам өзү тирүү калса да, сатылган нерсесине кайрылып келбейт. Анткени алардын көп сандаган эли жөнүндөгү пайгамбарчылык көрүнүш жокко чыкпайт, мыйзамсыздыгы менен эч ким өз өмүрүн чыңдай албайт.

14 Сурнай тартышты, бардыгы даяр болду, бирок согушка барган эч ким жок. Анткени Менин каарым алардын көп сандаган элинин үстүндө.

15 Үйдүн сыртында – кылыч, ал эми үйдүн ичинде – жугуштуу оору жана ачарчылык. Ким талаада болсо, ал кылычтан өлөт, ал эми ким шаарда болсо, аны жугуштуу оору менен ачкачылык жейт.

16 Алардын арасынан аман калгандар качып кетишет, алардын баары тоолордо болушат. Ар бири өз мыйзамсыздыгы үчүн өрөөндүн көгүчкөндөрүндөй болуп онтойт.

17 Баарынын колдору шалдаят, баарынын тизелери сууга окшоп титирейт.

18 Ошондо алар зумбал курчанышат, аларды калтырак басат. Алардын баарынын жүздөрүндө уялуу болот, баштарындагы чачтары түшөт.

19 Алар өздөрүнүн күмүштөрүн көчөгө ыргытышат, алтындары алар үчүн таза эмес нерсе сыяктуу болуп калат. Теңирдин каары төгүлгөн күнү аларды өздөрүнүн алтыны менен күмүшү куткара албайт. Алар аны менен жандарын тойгуза алышпайт, курсактарын да толтура алышпайт, анткени алардын мыйзамсыздык кылуусуна ошолор түрткү болгон.

20 Алардан жасалган сонун жасалгаларды алар өздөрүнүн даңкы үчүн колдонушту, алардан өздөрүнүн жийиркеничтүү буркандарынын айкелдерин жасашты. Ошондуктан аларды алар үчүн таза эмес нерсеге айландырам.

21 Аны башкалардын колуна олжого берем, жер жүзүнүн мыйзамсыз адамдарына талатам, алар аны булгашат.

22 Мен алардан Өз жүзүмдү бурам, ошондо алар Менин ыйык сактаган жайымды булгашат, ага талап-тоноочулар кирип, аны булгашат.

23 Чынжыр жаса, анткени бул жер кандуу кылмыштарга толгон, шаар зордук-зомбулукка толгон.

24 Мен элдердин арасынан өтө каардуу адамдарды алып келем, алар алардын үйлөрүн ээлеп алышат. Күчтүүлөрдүн текебердигин аягына чыгарам, алардын ыйык жайлары булганат.

25 Кыргын келе жатат. Тынчтыкты издешет, бирок табышпайт.

26 Кырсыктын артынан кырсык, кабардын артынан кабар келет, пайгамбардан көрүнүш сурашат, ыйык кызмат кылуучулар мыйзамды окута албай, карылар акыл-насаат айта албай калышат.

27 Падыша аза күтөт, төрөнү коркунуч басат, бул жердеги элдин колдору калтырайт. Аларга өздөрүнүн жолдоруна жараша кылам, аларды өздөрүнүн сотторуна жараша соттойм. Ошондо Менин Теңир экенимди билишет».

**8-БӨЛҮМ**

**Теңирдин даңкынын экинчи ирет көрүнүшү**

1 Алтынчы жылы, алтынчы айдын бешинчи күнү мен өзүмдүн үйүмдө отургам. Жүйүт аксакалдары алдымда отурушкан. Мага ошол жерде Кудай-Теңирдин колу түштү.

2 Ошондо мен отко окшогон бирөөнү көрдүм, анын белинен өйдө от, белинен жогору жалындын жарыгындай жаркырак эле.

3 Ал колго окшогон бир нерсени сунуп, мени чачтан алды, ошондо рух мени асман менен жердин ортосуна көтөрдү, ал мени Кудайдын көрүнүштөрүндө Иерусалимге, түндүктү караган ички дарбазанын кире беришине, кызганчаактыкты ойготкон кызганчаактыктын жасалма кудайы орнотулган жерге алып келди.

4 Ошол жерде мен талаадан көргөн даңкка окшош Ысрайыл Кудайынын даңкы турган эле.

5 Ал мага: «Адам уулу! Түндүк тарапка көз чаптыр», – деди. Мен түндүккө көз чаптырдым, мына, кире бериште турган ошол кызганчаактыктын жасалма кудайы курмандык чалынуучу жайдын дарбазасынын түндүк жагында экен.

6 Ал мага: «Адам уулу! Алардын эмне кылып жатышканын көрүп турасыңбы? Мен Өзүмдүн ыйык жайымдан кетип калышым үчүн, ушул жерде Ысрайылдын кандай чоң жийиркеничтүү иштерди жасап жатканын көрүп турасыңбы? Дагы кара, мындан да көп жийиркеничтүү иштерди көрөсүң», – деди.

7 Анан Ал мени короонун кире беришине алып келди, мен көз жибердим, дубалда бир тешик бар экен.

8 Ал мага: «Адам уулу! Дубалды теш!» – деди. Мен дубалды тештим, кандайдыр бир эшик көрүндү.

9 Ошондо мага: «Кир, алардын ушул жерде кылып жаткан эң жаман жийиркеничтүү иштерин көр», – деди.

10 Мен кирип, ысрайылдыкар табынган сойлоочулардын, таза эмес жаныбарлардын ар кандай айкелдерин, дубалдарга тегерете оюп түшүрүлгөн ар кандай жасалма кудайларын көрдүм.

11 Алардын алдында Ысрайылдын аксакалдарынан жетимиш киши туруптур, алардын арасында Сапан уулу Жазания да бар экен. Ар биринин колунда жыпар жыттуу зат түтөтүлүүчү чөйчөк бар эле, жыпар жыттуу заттын коюу түтүнү жогору көтөрүлүп жатты.

12 Анан Ал мага мындай деди: «Адам уулу, Ысрайылдын аксакалдары караңгы жерде, ар бири өзүнүн сүрөт тартылган бөлмөсүндө эмне кылып жатышканын көрүп турасыңбы? Анткени алар: "Теңир бизди көрбөйт, Теңир бул жерди таштап кетти", – дешет».

13 Ал мага: «Дагы кара, ошондо алардын мындан да жаман жийиркеничтүү иштерди жасап жатканын көрөсүң», – деди.

14 Ал мени Теңир үйүнүн түндүк тарабындагы дарбазасынын кире беришине алып барды, мен ал жерден Тамузду жоктоп ыйлап отурган аялдарды көрдүм.

15 Ал мага: «Адам уулу, көрүп турасыңбы? Дагы кара, мындан да жаман жийиркеничтүү иштерди көрөсүң», – деди.

16 Ал мени Теңир үйүнүн ички короосуна алып барды, Теңирдин ийбадатканасынын эшигинин алдында, кире бериш бөлмө менен курмандык чалынуучу жайдын ортосунда жыйырма бешке жакын эркек Теңирдин ийбадатканасына артын салып турушуптур. Алар жүздөрү менен чыгышка бурулуп, чыгыштагы күнгө табынып жатышты.

17 Ал мага мындай деди: «Адам уулу, көрүп турасыңбы? Жүйүт тукумуна өздөрүнүн ушул жерде кылган ушундай жийиркеничтүү иштери аздык кылып жатабы? Мындан сырткары, алар жерди кыянат иштерге толтуруп, Мени өзгөчө каардантып жатышат. Алар өз мурундарына бутактарды жакын алып барып жатышат.

18 Ошондуктан Мен да каардуу мамиле кылам, Менин көзүм аябайт, ырайым кылбайм. Алар Менин кулагыма катуу кыйкырышса да, аларды укпайм».

**9-БӨЛҮМ**

**Иерусалимдеги катуу уруш жөнүндө көрүнүш көрүү**

1 Ал менин кулагыма аябай катуу үн менен мындай деди: «Шаарды жазалоочулар жакын келишсин, ар биринин колунда кыйратуучу куралы болсун».

2 Ошондо мен түндүк жакты караган жогорку дарбаза жактан ар биринин колунда кыйратуучу куралы бар алты киши келе жатканын көрдүм. Алардын арасында зыгыр кездемеден кийим кийген, белинде катчынын

сыя челеги бар бирөө бар экен. Алар келип, жезден жасалган курмандык чалынуучу жайдын жанына турушту.

3 Ысрайыл Кудайынын даңкы керуптардын үстүнөн Үйдүн босогосуна түшүп, зыгыр кездемеден кийим кийген, белинде катчынын сыя челеги бар адамды чакырды.

4 Теңир ага мындай деди: «Шаарды аралап өт, Иерусалим шаарын аралап өт, анын ичинде болуп жаткан жийиркеничтүү иштер үчүн кайгырган, үшкүргөн адамдардын чекесине белги кой».

5 Тигилерге болсо менин кулагыма угуза мындай деп айтты: «Анын артынан ээрчип, шаарды аралап, кыргыла. Көзүңөр аябасын, бооруңар оорубасын.

6 Карыяны да, уланды да, кызды да, наристени да, аялдарды да өлтүргүлө. Бирок белгиси барлардын бирине да тийбегиле. Менин ыйык жайымдан баштагыла». Ошондо алар Теңир үйүнүн алдында турган аксакалдардан башташты.

7 Анан аларга мындай деди: «Теңир үйүн булгагыла, короолорду өлүктөргө толтургула, анан сыртка чыккыла». Алар сыртка чыгышты да, шаардагыларды өлтүрө башташты.

8 Аларды өлтүрүп жатышканда, мен ошол жерде турдум. Ошондо мен жүзтөмөндөп жыгылып, боздоп ыйлап: «Оо Кудай-Теңир! Иерусалимге каарыңды төгүп, чын эле, Сен Ысрайылдын бүт калдыгын кырып саласыңбы?» – дедим.

9 Ошондо Ал мага мындай деди: «Ысрайыл менен Жүйүт тукумунун күнөөсү чоң, абдан чоң. Бул жер канга толду, шаар жалганчылыкка толду, анткени алар: “Теңир бул жерди таштап койду, Теңир бул жерди көрбөйт”, – деп жатышат.

10 Ошон үчүн Менин көзүм да аябайт, ырайым кылбайм. Аларга өздөрүнүн жолдоруна жараша тиешесин берем».

11 Ошондо зыгыр кездемеден кийим кийген, белинде катчынын сыя челеги бар киши: «Сен мага кандай буйрусаң, мен ошондой кылдым», – деп жооп берди.

**10-БӨЛҮМ**

**Ийбадатскананы таштап кеткен Теңирдин даңкы жөнүндөгү көрүнүш**

1 Анан мен керуптардын баштарынын үстүндөгү көмкөрүлгөн асманда сапфир ташы сымал тактыга окшош бир нерсе турганын көрдүм, ал керуптардын үстүнөн көрүнүп турду.

2 Ал зыгыр кездемеден кийим кийген кишиге: «Керуптардын астына, дөңгөлөктөрдүн ортосуна кир, керуптардын ортосунда күйүп жаткан көмүрдөн кош ууч толтура ал, аны ушул шаарга ыргыт», – деди. Ошондо ал менин көз алдымда кирди.

3 Ал киши киргенде, керуптар Үйдүн түштүк жагында турушкан. Ошондо ички короо булутка толду.

4 Теңирдин даңкы керуптардын үстүнөн көтөрүлүп, Үйдүн босогосуна келди, Үй булутка толду, короо Теңирдин даңкынын жарыгына толду.

5 Керуптардын канатынан чыккан добуш кудуреттүү Кудайдын сүйлөп жаткандагы үнүнө окшоп, сырткы короого чейин угулуп турду.

6 Ал зыгыр кездемеден кийим кийген кишиге: «Дөңгөлөктөрдүн ортосунан, керуптардын ортосунан от ал», – деп буйрук кылганда, ал кирип, дөңгөлөктүн жанына барып турганда,

7 керуптардын бири өздөрүнүн ортосундагы отко колун созуп, андан кош ууч от алып, зыгыр кездемеден кийим кийген кишиге берди. Ал аны алып, ал жерден чыкты.

8 Керуптардын канаттарынын астынан адамдын колдоруна окшогон колдор көрүнүп турду.

9 Мен керуптардын жанында төрт дөңгөлөк турганын көрдүм, ар бир керуптун жанында бирден дөңгөлөк. Дөңгөлөктөрдүн көрүнүшү топазга окшош экен.

10 Төртөөнүн тең көрүнүшү бирдей, дөңгөлөктүн ичинде дөңгөлөк тургансыйт.

11 Алар өздөрүнүн багыты боюнча төрт жакка жүрүштү. Жүрүп бара жатканда бурулушкан жок, баштары кай жакты караса, алар ошол жакка жүрүштү. Жүрүп бара жатканда бурулушкан жок.

12 Алардын бүт денеси, далысы, колдору, канаттары, дөңгөлөктөрдүн баары тегерете көзгө толгон. Алардын бүт төрт дөңгөлөгү көзгө толгон.

13 Мен бул дөңгөлөктөрдүн "Галгал"1 деп аталарын өз кулагым менен уктум.

14 Ар бир жаныбардын төрттөн бети бар экен: биринчи бети – керуптун бети, экинчи бети – адамдын бети, үчүнчү бети – арстандын бети, төртүнчү бети – бүркүттүн бети.

15 Керуптар көтөрүлдү. Булар мен Кебар дарыясынын боюнан көргөн жаныбарлар болчу.

16 Керуптар жүрүшкөндө, алардын жанындагы дөңгөлөктөр да жүрдү. Керуптар жерден көтөрүлүү үчүн канаттарын көтөргөндө, дөңгөлөктөр да алардан бөлүнгөн жок, алардын жанында болду.

17 Тигилер токтоп калышканда, булар да токтоп калышты, тигилер көтөрүлгөндө, булар да көтөрүлдү, анткени аларда жаныбарлардын руху бар болчу.

18 Анан Теңирдин даңкы Үйдүн босогосунан кетип, керуптардын үстүнө келип турду.

19 Ошондо керуптар канаттарын көтөрүп, менин көз алдымда жерден көтөрүлүштү. Алар жөнөгөндө, дөңгөлөктөр да алардын жанында болду. Алар Теңир үйүнүн чыгыш дарбазасынын кире беришине келип турушту, алардын жогору жагында Ысрайыл Кудайынын даңкы турду.

20 Булар мен Кебар дарыясынын боюнда Ысрайыл Кудайынын астынан көргөн жаныбарлар эле. Ошондо мен булардын керуптар экенин билдим.

21 Ар биринин төрттөн бети, төрттөн канаты, канаттарынын астында адамдын колуна окшош колдору бар эле.

22 Алардын беттери мен Кебар дарыясынын жээгинен көргөн керуптардын беттерине окшош эле, көрүнүштөрү да, өздөрү да ошондой эле. Ар бири өзүнүн бет алды жагын карай жүрдү.

**11-БӨЛҮМ**

**Иерусалимдин жазаланары жөнүндөгү көрүнүш**

1 Анан мени рух көтөрүп, үйдүн чыгышты караган чыгыш дарбазасына алып келди. Дарбазанын кире беришинде жыйырма беш киши туруптур. Алардын арасынан эл төрөлөрү Азур уулу Жазания менен Беная уулу Пелатияны көрдүм.

2 Ошондо Ал мага мындай деди: «Адам уулу! Булар – мыйзамсыздык кылууну ойлогон, ушул шаарда жаман кеңеш берген адамдар.

3 Алар: “Жакында эмес. Үйлөрдү куралы. Шаар – казан, биз болсо этпиз”, – дешет.

4 Ошондуктан аларга каршы пайгамбарчылык кыл, адам уулу, пайгамбарчылык кыл».

5 Ошондо мага Теңирдин Руху түшүп, мындай деди: «Теңир мындай дейт: “Ысрайыл, силердин эмнени сүйлөп жатканыңарды жана акылыңарга эмне келерин Мен билем.

6 Силер бул шаарда көп адамдарды өлтүрдүңөр, анын көчөлөрүн өлүктөргө толтурдуңар”.

7 Ошондуктан Кудай-Теңир мындай дейт: “Силер бул шаарда өлтүргөн өлүктөр – эт, шаар болсо – казан. Бирок Мен силерди анын ичинен чыгарам.

8 Силер кылычтан коркосуңар, ошон үчүн Мен силерге каршы кылыч жиберем, – дейт Кудай-Теңир.

9 Мен силерди анын ичинен чыгарып, башкалардын колуна салып берем, ошентип, силерди жазалайм.

10 Кылычтан өлөсүңөр. Силерди Ысрайыл жеринде жазалайм, ошондо Менин Теңир экенимди билесиңер.

11 Ал шаар силер үчүн казан болбойт, силер анын ичиндеги эт болбойсуңар. Силерди Ысрайыл жеринде жазалайм.

12 Ошондо Менин Теңир экенимди билесиңер, анткени силер Менин буйруктарым боюнча жүргөн жоксуңар, Менин мыйзамдарымды аткарган жоксуңар, тескерисинче, тегерегиңердеги элдердин мыйзамдары боюнча жүрдүңөр”».

13 Мындай болду: мен пайгамбарчылык кылып жатканда, Беная уулу Пелатия өлдү. Ошондо мен жүзтөмөндөп жыгылып, катуу өкүрүп: «Оо Кудай-Теңир! Чын эле, Сен Ысрайылдын калдыгын акырына чейин кыргың келип жатабы?» – дедим.

**Чачылып кеткен ысрайылдыктарга берген Кудайдын убадасы**

14 Ошондо мага Теңирден сөз болду:

15 «Адам уулу! Иерусалим тургундары бир туугандарыңа, кандаш бир туугандарыңа жана бүт Ысрайылга, алардын баарына: “Теңирден алыс жашагыла. Бул жер бизге ээлик кылууга берилген”, – деп жатышат.

16 Буга мындай де: Кудай-Теңир мындай дейт: “Мен аларды элдердин арасына кууп жибергениме карабастан, аларды жер-жерлерге чачыратып жибергениме карабастан, алар барган жерлерде Мен алар үчүн анча чоң эмес ыйык жай болом”.

17 Ошондуктан айт: Кудай-Теңир мындай дейт: “Мен силерди элдердин арасынан чогултам, кайсы жерлерде чачылып жүрсөңөр, ошол жерлерден силерди кайра алып келем. Силерге Ысрайыл жерин берем”.

18 Алар ал жерге келип, анын ичинен анын бардык жийиркеничтерин, анын бардык ыпыластыктарын жок кылышат.

19 Аларга бир жүрөк берем, алардын ичине жаңы рух салам, алардын денесинен таш жүрөгүн алып, аларга эт жүрөк берем.

20 Ошондо алар Менин буйруктарым боюнча жүрүшөт, мыйзамдарымды сакташат, аларды аткарышат жана Менин элим болушат, Мен болсо алардын Кудайы болом.

21 Ал эми кимдин жүрөгү өзүнүн жийиркеничтерине жана ыпыластыктарына кызыгып, ошолордун артынан түшө турган болсо, анда аларды өздөрүнүн жолдоруна жараша жазалайм, – дейт Кудай-Теңир».

**Теңирдин даңкынын Иерусалимди калтырып кетиши**

22 Ошондо керуптар өз канаттарын көтөрдү, алардын жанындагы дөңгөлөктөр да көтөрүлдү. Алардын жогору жагындагы Ысрайыл Кудайынын даңкы да көтөрүлдү.

23 Ошентип, Теңирдин даңкы шаардын ортосунан көтөрүлүп, шаардын чыгыш жагындагы тоонун үстүнө токтоду.

24 Анан мени рух көтөрүп, Кудайдын Руху көргөзгөн көрүнүштө Каздимге, көчүрүлүп кеткендерге алып келди. Анан мен көргөн көрүнүш мени таштап кетти.

25 Ошондо мен Теңирдин мага ачып берген бардык сөзүн көчүрүлүп кеткендерге айтып бердим.

**12-БӨЛҮМ**

**Туткундалып кетүү жөнүндө пайгамбарчылык**

1 Анан мага Теңирден сөз болду:

2 «Адам уулу! Сен козголоңчул тукумдун арасында жашап жатасың. Алардын көрө турган көзү бар, бирок көрүшпөйт, алардын уга турган кулагы бар, бирок угушпайт, себеби алар – козголоңчул тукум.

3 Ал эми сен, адам уулу, көчүүгө керектүү нерселериңди даярда, анан алардын көз алдында күндүз көчүп кет, алардын көз алдында өзүң турган жерден башка жерге көчүп кет. Алар козголоңчул тукум болгонуна карабастан, балким, түшүнүшөр.

4 Өзүңдүн буюмдарыңды көчүүгө керектүү буюмдар катары алардын көз алдында күндүз алып чык, өзүң да көчүп бараткандай болуп, алардын көз алдында кечинде чык.

5 Алардын көз алдында дубалды теш, буюмдарыңды ошол тешик аркылуу алып чык.

6 Алардын көз алдында жүгүңдү ийиниңе салып, аны караңгыда алып чык, жерди көрбөш үчүн, жүзүңдү жаап ал, анткени Мен сени Ысрайылга белги катары койдум».

7 Ошондо мага кандай буйрук берилсе, мен ошондой кылдым: буюмдарымды көчүүгө керектүү буюмдар катары күндүз алып чыктым, кечинде болсо дубалды колум менен тешип, караңгыда жүктү алып чыгып, алардын көз алдында ийиниме салдым.

8 Эртең менен мага Теңирден сөз болду:

9 «Адам уулу! Козголоңчул Ысрайыл сенден: “Эмне кылып жатасың?” – деп сураган жокпу?

10 Аларга айт: Кудай-Теңир мындай дейт де: "Бул пайгамбарчылык Иерусалимдеги башкаруучуга жана ал жерде жашаган бүт Ысрайылга тиешелүү".

11 Айт: "Мен силер үчүн жышаанмын. Мен эмне кылсам, аларга ошондой болот, алар көчүрүлөт, туткунга кетет".

12 Алардын арасындагы башчы жүгүн ийинине салып, караңгыда чыгат. Аны дубал аркылуу жөнөтүш үчүн, дубалды тешишет. Ал бул жерди көрбөш үчүн, жүзүн жаап алат.

13 Мен ага торумду жаям, ал Менин торума түшөт, Мен аны Бабылга, Каздим жерине, алып келем, бирок ал аны көрбөйт, ошол жерде өлөт.

14 Ал эми анын тегерегиндеги жактоочуларын жана бүт аскерин туш тарапка сапырып жиберем, анан алардын артынан кылычты кынынан сууруйм.

15 Мен аларды элдердин арасына чачып жибергенде, жер-жерлерге сапырып жибергенде, алар Менин Теңир экенимди билишет.

16 Алар кайсы элдердин арасына барышса, ошол элдердин арасында өздөрүнүн бардык жийиркеничтери жөнүндө айтып беришсин үчүн, Мен алардын ичинен бир аз сандагы адамдарды кылычтан, ачарчылыктан жана жугуштуу оорудан сактап калам. Ошондо алар Менин Теңир экенимди билишет».

17 Анан мага Теңирден сөз болду:

18 «Адам уулу! Наныңды титиреп же, сууңду калтырап жана кайгырып ич.

19 Анан бул жердин элине айт: Кудай-Теңир Иерусалимдин тургундары жөнүндө, Ысрайыл жери жөнүндө мындай дейт де: Алар өз нанын кайгы менен жешет, өз суусун сарсанаа болуп ичишет, анткени алардын жери анда жашагандардын кыянат иштери үчүн бардык молчулуктан ажырайт.

20 Эл отурукташкан шаарлар бүлгүнгө учурап, жер ээн калат, ошондо силер Менин Теңир экенимди билесиңер».

**Пайгамбарчылыктардын аткарылары жөнүндө**

21 Анан мага Теңирден сөз болду:

22 «Адам уулу! Силердин Ысрайыл жеринде: "Көп күндөр өтөт, анан ар кандай пайгамбарчылык жок болот", – деп айтып жүргөн макалыңар эмне деген макал?

23 Ошондуктан аларга айт: Кудай-Теңир мындай дейт: "Бул макалды жок кылам, ошондон кийин Ысрайылда мындай макал айтышпайт, бирок аларга айт: «Ал күндөрдүн келерине жана ар бир пайгамбарчылыктын аткарыларына аз калды»".

24 Анткени Ысрайылда мындан ары эч кандай жалган көрүнүш жана жалган пайгамбарчылык болбойт.

25 Анткени Мен Теңирмин, Мен айтып жатам, Мен айткан сөз аткарылат, кийинкиге калтырылбайт. Силердин күндөрүңөрдө, козголоңчул тукум, Мен эмнени айтсам, ошону аткарам», – дейт Кудай-Теңир.

26 Анан мага Теңирден сөз болду:

27 «Адам уулу! Ысрайыл мындай деп жатат: “Ал көргөн пайгамбарчылык көрүнүш көп күндөрдөн кийин аткарылат, ал алыскы мезгилдер жөнүндө пайгамбарчылык кылып жатат”.

28 Ошондуктан аларга айт: Кудай-Теңир мындай дейт: “Мындан ары Менин сөзүмдүн бири да кийинки мөөнөткө калтырылбайт. Бирок Мен айткан сөз аткарылат”», – дейт Кудай-Теңир.

**13-БӨЛҮМ**

**Жалган пайгамбарлар жөнүндө пайгамбарчылык**

1 Анан мага Теңирден сөз болду:

2 «Адам уулу! Пайгамбарчылык кылып жаткан Ысрайыл пайгамбарларына каршы пайгамбарчылык кыл, өз оюнан чыгарып пайгамбарчылык кылып жаткан пайгамбарларга айт: “Теңирдин сөзүн уккула!

3 Кудай-Теңир мындай дейт: «Эч нерсе көрбөй эле өзүнүн рухуна жетеленип жүргөн акылсыз пайгамбарларга кайгы!

4 Ысрайыл, сенин пайгамбарларың урандылардын арасында жүргөн түлкүлөрдөй.

5 Теңирдин күнү келгенде, согушта туруштук бериш үчүн, талкаланып тешилген жайга кирген жоксуңар жана Ысрайылды дубал менен курчаган жоксуңар».

6 Алар жалган көрүнүш көрүштү, «Теңир айтты» деп, жалган пайгамбарчылык кылышты. Бирок аларды Теңир жиберген эмес. Алар сөз ордунан чыгат деп үмүттөндүрүп жатышат.

7 Силер жалган көрүнүш көргөн жоксуңарбы? Мен айтпасам да, «Теңир айтты» деп, жалган пайгамбарчылык кылып жаткан жоксуңарбы?”

8 Ошондуктан Кудай-Теңир мындай дейт: “Силер жалган нерселерди айтып жатканыңар үчүн, жалган көрүнүш көрүп жатканыңар үчүн Мен силерге каршымын, – дейт Кудай-Теңир.

9 Менин колум жалган көрүнүш көрүп жаткан, жалган пайгамбарчылык кылып жаткан ушул пайгамбарларга каршы болот. Алар Менин элимдин кеңешмесинде болушпайт, Ысрайылдын тизмесине жазылышпайт, Ысрайыл жерине киришпейт. Ошондо силер Менин Кудай-Теңир экенимди билесиңер.

10 Анткени алар тынчтык жок болсо да, «Тынчтык» деп, Менин элимди адаштырып жатышат. Эл дубал куруп жатса, алар аны ылай менен шыбап жатышат.

11 Дубалды ылай менен шыбап жаткандарга: «Дубал кулайт», – деп айт. Кара нөшөр төгөт, ошондо силер, таш мөндүрлөр, кулап түшөсүңөр; аны катуу шамал кулатат.

12 Дубал кулайт. Ошондо силерге: «Силер шыбаган баягы шыбак кана?» – деп кантип айтышпасын?”

13 Ошондуктан Кудай-Теңир мындай дейт: “Мен каарданып жатканымда, катуу шамал жиберем, Мен ачууланып жатканымда, кара нөшөр төгүлөт, Мен кыжырданып жатканымда, кырыш үчүн таш мөндүрлөр түшөт.

14 Ошентип, силер ылай менен шыбаган дубалды кыйратам, аны жерге кулатам, ошондо анын пайдубалы ачылат, ал кулайт, силер да аны менен кошо өлөсүңөр. Ошондо силер Менин Теңир экенимди билесиңер.

15 Ошентип, Мен Өз каарымды дубалга жана аны ылай менен шыбагандарга төгөм, анан силерге мындай дейм: Дубал да жок, аны шыбагандар –

16 тынчтык жок болсо да, тынчтык жөнүндө көрүнүш көрүп, Иерусалимге пайгамбарчылык кылган Ысрайыл пайгамбарлары жок, – дейт Кудай-Теңир.

17 Адам уулу, сен болсо өз элиңдин өз жүрөгүнөн пайгамбарчылык кылып жаткан кыздарына жүзүңдү буруп, аларга каршы пайгамбарчылык кылып,

18 мындай де: Кудай-Теңир мындай дейт де: «Колтуктун астына сыйкырдуу жаздыкча тиккендерге, адамдарды тузакка түшүрүш үчүн, бою ар кандай адамдардын баштары үчүн жабуу жасагандарга кайгы! Менин элимдин жанын тузакка түшүрүү менен өз жаныңарды сактап калабыз деп турасыңарбы?

19 Жалганды уккан элиме жалган сүйлөп, өлбөш керек болгон жандарды өлтүрүп, жашабаш керек болгондордун жанын калтырып, бир ууч арпа үчүн, бир кесим нан үчүн Өз элимдин арасында Мени уят кылдыңар»".

20 Ошондуктан Кудай-Теңир мындай дейт: "Мен силердин сыйкырдуу жаздыкчаңарга каршымын, ал жаздыкчалар менен силер чымчыкты тузакка түшүргөнсүп, жандарды тузакка түшүрүп жатасыңар, Мен аларды колтугуңардан жулуп алып, тузакка түшкөн чымчыкты эркиндикке коё бергендей, силер тузакка түшүргөн жандарды эркиндикке чыгарам.

21 Мен силердин жабууңарды тытып, Өз элимди силердин колуңардан куткарам. Алар мындан ары колуңарга түшкөн олжо болбойт, ошондо силер Менин Теңир экенимди билесиңер.

22 Мен Өзүм кайгыга салууну каалабаган адил адамдын жүрөгүн силер жалгандык менен кайгыга салганыңар үчүн, мыйзамсыз киши өзүнүн бузулган жолунан бурулбасын деп, өз өмүрүн сактап калбасын деп, анын иштерин колдоп жатканыңар үчүн,

23 мындан ары жалган көрүнүш көрбөйсүңөр, жалган пайгамбарчылык кылбайсыңар. Мен Өз элимди силердин колуңардан куткарып алам, ошондо силер Менин Теңир экенимди билесиңер"».

**14-БӨЛҮМ**

**Бутка табынуучулукту айыптоо**

1 Ысрайыл аксакалдарынан бир нече киши келип, менин бет алдыма отурушту.

2 Ошондо мага Теңирден сөз болду:

3 «Адам уулу! Бул адамдар өз жүрөгүнө жасалма кудайлардын кирүүсүнө жол беришти, өздөрүнүн алдына өздөрүнүн күнөөсүнүн азгырыгын коюп алышты: Мен аларга жооп бере аламбы?

4 Ошондуктан алар менен сүйлөшүп мындай деп айт: Кудай-Теңир мындай дейт де: "Эгерде Ысрайылдан ким өз жүрөгүнө жасалма кудайлардын кирүүсүнө жол берсе, өзүнүн алдына өзүнүн күнөөсүнүн азгырыгын коюп алса, анан пайгамбарга келсе, анда Мен, Теңир, ага жасалма кудайларынын көптүгүнө жараша жооп берем".

5 Ысрайыл өзүнүн жасалма кудайларынан улам Мен үчүн жат болуп калганын өз жүрөгүндө түшүнсүн.

6 Ошондуктан Ысрайылга айт: Кудай-Теңир мындай дейт: "Кайрылгыла, жасалма кудайларыңардан баш тарткыла, жүзүңөрдү өзүңөрдүн бардык жийиркеничтериңерден бургула".

7 Анткени Ысрайыл тукумунан болобу же Ысрайылда жашап жаткан келгиндерден болобу, ким Менден баш тартып, өз жүрөгүнө жасалма кудайлардын кирүүсүнө жол берсе, өзүнүн алдына өзүнүн күнөөсүнүн азгырыгын коюп алса, анан пайгамбарга келип, ал аркылуу Менден сураса, анда Мен, Теңир, ага Өзүм жооп берем.

8 Мен ал адамга каршы Өз жүзүмдү бурам, аны жышаан жана лакап кылам, аны Өз элимдин ичинен жок кылам, ошондо силер Менин Теңир экенимди билесиңер.

9 А эгерде пайгамбар азгырылып, ал Мен, Теңир, ага үйрөтүп койгонсуп сөз айтса, анда Мен ага каршы Өз колумду сунуп, аны Өз элим Ысрайылдын арасынан жок кылам.

10 Ошентип, алар өздөрүнүн мыйзамсыздыгынын айыбын тартышат. Сурагандын айыбы кандай болсо, пайгамбардын айыбы да ошондой болот.

11 Ысрайыл мындан ары Менден бурулбашы үчүн, өзүн ар кандай мыйзамсыздыктары менен булгабашы үчүн, тескерисинче, Менин элим болуп, Мен болсо анын Кудайы болушум үчүн ошондой болот, – дейт Кудай-Теңир».

**Нухтун, Даниелдин жана Аюбдун адилеттиги**

12 Анан мага Теңирден сөз болду:

13 «Адам уулу! Кайсы бир жер Менден жүзү каралык менен баш тартып, Менин алдымда күнөө кылса, Мен Өз колумду ага каршы сунуп, анын нан булагын жок кылсам, ага ачарчылык жиберсем, ал жердин элин жана малын кырсам,

14 эгерде ал жерде бул үч адам: Нух, Даниел жана Аюб болсо, анда алар өздөрүнүн адилеттиги менен өз жандарын гана сактап калышмак, – дейт Кудай-Теңир.

15 Же эгерде Мен ал жерге катаал жырткыч айбандарды жиберсем, алар жерди жетим калтырса, ал жер жырткычтардын айынан эч ким өтпөгөн чөлгө айланса,

16 ал жерде бул үч адам болсо да, – Мен тирүүмүн, – дейт Кудай-Теңир, – алар уулдарды да, кыздарды да куткара алышмак эмес, алар өздөрү гана куткарылышмак, жер болсо чөлгө айланмак.

17 Же эгерде Мен ал жерге кылыч жиберип: "Кылыч, бул жерди аралап чык!" – десем, кылыч ал жердин адамдарын жана малын кыра баштаса,

18 ал жерде бул үч адам болсо да, – Мен тирүүмүн, – дейт Кудай-Теңир, – алар уулдарды да, кыздарды да куткара алышмак эмес, алар өздөрү гана куткарылышмак.

19 Же эгерде Мен ал жерге жугуштуу оору жиберсем, ал жердеги адамдарды жана малды кырыш үчүн, ал жерге кан төгүү менен каарымды төксөм,

20 ал жерде Нух, Даниел жана Аюб болсо да, – Мен тирүүмүн, – дейт Кудай-Теңир, – алар уулдарды да, кыздарды да куткара алышмак эмес, алар өздөрүнүн адилеттиги менен өз жандарын гана сактап калышмак».

21 Анткени Кудай-Теңир мындай дейт: «Мен Иерусалимдин адамдары менен малын кырыш үчүн, ага Өзүмдүн төрт оор жазамды – кылыч менен ачкачылыкты, катаал жырткыч айбандар менен жугуштуу ооруну жиберсем да,

22 ошондо да ал жерде анын ичинен алып чыгарылган уулдар менен кыздардан турган калдык калат. Алар силерди тосуп чыгышат, силер алардын жүрүм-турумун жана иштерин көрүп, Менин Иерусалимге каптаткан алааматымдан, Мен ага каршы эмне каптатсам, ошонун баарынан сооронοсуңар.

23 Силер алардын жүрүм-туруму менен иштерин көрүп сооронοсуңар. Ошондо силер Мен анын ичинде эмне жасасам, ошонун бардыгын бекер жасабаганымды билесиңер», – дейт Кудай-Теңир.

**15-БӨЛҮМ**

**Жүзүм сабагы жөнүндөгү көрүнүш**

1 Анан мага Теңирден сөз болду:

2 «Адам уулу! Жүзүм сабагынын жыгачы ар кандай башка жыгачтардын алдында кандай артыкчылыкка ээ? Жүзүм сабагынын бутактары токойдогу дарактардын арасында кандай артыкчылыкка ээ?

3 Андан кандайдыр бир буюм жасаганга болобу? Кандайдыр бир буюм илиш үчүн андан, жок дегенде, илгич жасоого болобу?

4 Ал отко жем болот. Анын эки четин от жалмады, анын ортосу да күйүп кетти. Андан кандайдыр бир буюм жасоого болобу?

5 Бүтүн кезинде эле ал буюм жасаганга жараксыз эле. От жалмап салгандан кийин, күйүп калгандан кийин, ал кандайдыр бир буюм жасаганга жарамак беле?»

6 Ошондуктан Кудай-Теңир мындай дейт: «Мен токой дарактарынын арасындагы жүзүм сабагынын жыгачын отко жем кылгандай, Иерусалимдин тургундарын да отко жем кылам.

7 Мен Өз жүзүмдү аларга каршы бурам. Алар бир оттон чыгышса, башка от жалмайт. Мен Өз жүзүмдү аларга каршы бурганда, Менин Теңир экенимди билесиңер.

8 Алар ишенимсиздик кылышканы үчүн, Мен бул жерди чөлгө айлантам», – дейт Кудай-Теңир.

**16-БӨЛҮМ**

**Иерусалимдеги жийиркеничтүү иштер жөнүндө**

1 Анан мага Теңирден сөз болду:

2 «Адам уулу! Иерусалимге өзүнүн жийиркеничтүү иштерин айт,

3 ага мындай де: Кудай-Теңир Иерусалимге мындай дейт: "Сенин тамырың жана ата мекениң Канаан жеринде, атаң – аморлук, энең – хеттик.

4 Сенин төрөлүшүң мындай: сен төрөлгөн күнү киндигиңди кесишкен эмес, сени тазалаш үчүн суу менен жуушкан эмес, туздалган эмессиң, жалаякка оролгон эмессиң.

5 Сага боорукердик кылып, ушулардын ичинен, жок дегенде, бирин кылыш үчүн, эч кимдин көзү сени аяган жок. Сен төрөлгөн күнү талаага ташталгансың, анткени жек көрүндү болгонсуң.

6 Ошондо Мен сенин жаныңдан өтүп бара жатып, сенин тепсендиге ташталып, канга чулганып жатканыңды көрүп, сага мындай дедим: «Канга чулганып жатканыңа карабастан, жаша!» Ооба, Мен сага: «Канга чулганып жатканыңа карабастан, жаша!» – дедим.

7 Сени талаа өсүмдүктөрүндөй кылып көбөйттүм. Сен өстүң, чоңойдуң, эң сонун сулуулукка жеттиң: көкүрөгүң чыкты, чачың өстү, бирок сен жабуусуз, жылаңач элең.

8 Ошондо Мен сенин жаныңдан өтүп бара жатып, сени көрдүм: мына, ошол убак сенин убагың эле, сени сүйө турган убак эле. Мен сенин үстүңө кийимимдин этегин жайып, сенин жылаңачтыгыңды жаптым. Сага убада берип, сени менен келишим түздүм, – дейт Кудай-Теңир, – ошентип, сен Меники болуп калдың.

9 Мен сени суу менен жуудум, каныңды жууп салдым, анан сени зайтун майы менен майладым.

10 Үстүңө саймалуу көйнөк, бутуңа сактыян бут кийим кийгиздим, белиңди ак мата менен курчадым, сага жибек жабуу жаптым.

11 Сени жасалгалар менен жасалгаладым, колдоруңа билерик салдым, мойнуңа мончок тактым.

12 Мурдуңа шакек салдым, кулагыңа сөйкө тактым, башыңа эң сонун таажы кийгиздим.

13 Ошентип, сен алтын-күмүш менен жасалгаландың, кийимиң ак матадан, жибектен жана саймалуу кездемеден болду. Сен эң жакшы буудай унунан жасалган нан менен, бал жана зайтун майы менен азыктанчу элең, ашкан сулуу элең жана падышачылык даңкка жеттиң эле.

14 Сулуулугуң менен элдердин арасында атагың чыкты, анткени Мен сага кийгизген эң сонун кийим сулуулугуңду арттырып, кемчиликсиз кылган эле, – дейт Кудай-Теңир.

15 Бирок сен сулуулугуңа таяндың, атак-даңкыңдан пайдаланып, бузуктук кыла баштадың, жаныңдан өткөн ар ким менен бузуктук кылдың.

16 Анан өзүңдүн кийимдериңден алып, түркүн түстүү бутканаларды жасадың, ошол жерлерде бузуктук кылдың, буга чейин мындай болгон эмес, мындан кийин да болбойт.

17 Мен берген алтындан жана күмүштөн жасалган өзүңдүн кооз буюмдарыңдан алып, өзүңө эркек сөлөкөттөрүн жасап, алар менен бузуктук кылдың.

18 Өзүңдүн гүлдүү көйнөгүңдү алып, аларга кийгизип, алардын алдына Менин зайтун майымды, Менин жыпар жыттуу затымды койдуң.

19 Мен берген нанды, сени азыктандырган буудай унун, зайтун майын жана балды алардын алдына жыпар жыттуу зат кылып койдуң. Ушундай да болгон, – дейт Кудай-Теңир.

20 Мага төрөп берген уулдарыңды, кыздарыңды жем кылып курмандыкка чалдың. Сага өзүңдүн бузуктук кылганың аздык кылдыбы?

21 Бирок сен Менин уулдарымды да мууздап, аларга берип, курмандыкка өрттөдүң.

22 Сен өзүңдүн бардык жийиркеничтүү иштериңди, бузуктугуңду кылып жатканда, жаш кезиңде жылаңач, жабуусуз болуп, тепсендиге ыргытылып, канга чулганып жатканыңды эстеген жоксуң.

**Иерусалимдин бузуктук кылуусу жөнүндө**

23 Бардык кыянат иштериңден кийин, сага кайгы, кайгы! – дейт Кудай-Теңир.

24 Сен өзүңө бузуктук бутканаларын курдуң, ар кайсы аянтка бутканаларды жасадың.

25 Ар кайсы жолдун башына өзүңө бутканаларды куруп, сулуулугуңду маскаралап, жаныңдан өткөн ар кимге буттарыңды ачтың, ошентип, бузуктугуңду арттырдың.

26 Узун бойлуу кошунаң – Мисир уулдары менен бузуктук кылдың, Мени каардантып, бузуктугуңду арттырдың.

27 Ошондуктан Мен Өз колумду сага каршы сундум жана сага деп белгиленгенди азайттым. Сени жек көргөн, сенин бузулган жүрүм-турумуңдан уялган Пелишти кыздарынын сага зомбулук кылуусуна жол бердим.

28 Сен Ашур уулдары менен бузуктук кылдың, бирок ага да тойгон жоксуң, алар менен бузуктук кылдың, бирок ага да канааттанган жоксуң.

29 Бузуктугуңду Канаан жеринен Каздимге чейин арттырдың, бирок ага да канааттанган жоксуң.

30 Эгерде сен ушунун баарын тыюу салынбаган бузулган аялдай болуп жасаган болсоң, анда алсырап бүтсөң керек! – дейт Кудай-Теңир.

31 Сен ар кайсы жолдун башына бузуктук бутканаларын куруп жатканда, ар кайсы аянтка бутканаларды жасап жатканда, сен бузулган аялдай эмес элең, анткени сен белектерди четке какчусуң.

32 Бирок сен өзүнүн күйөөсүнүн ордуна башка эркектерди кабыл алып ойноштук кылган аялдай болчусуң.

33 Бузулган аялдардын баарына белек беришет, сен болсо өзүңдүн бүт ойношторуңа белектерди өзүң берчүсүң, сен аларды ар тараптан келип, өзүң менен ойноштук кылыш үчүн сатып алчусуң.

34 Сенин бузуктук кылганың аялдардыкынан башкача: алар сенин аркаңдан чуркашчу эмес, белектерди сен берчүсүң, сага болсо белек беришчү эмес. Ошондуктан сен башкалардан айырмаланып, тетирисинче кылчусуң.

**Бузуктук үчүн жазалоо**

35 Ошондуктан, бузулган аял, Теңирдин сөзүн ук!

36 Кудай-Теңир мындай дейт: “Сен өз акчаңды ушинтип чачканың үчүн, бузуктук кылып, ойношторуңдун алдында, өзүңдүн жийиркеничтүү жасалма кудайларыңдын алдында жылаңачтыгың ачылганы үчүн жана аларга берген өз уулдарыңдын каны үчүн,

37 мына ошон үчүн Мен сен ыракаттанган, өзүң сүйгөн ойношторуңдун баарын, сен өзүң жек көргөндөрдүн баарын чогултам. Мен аларды сага каршы ар тараптан чогултуп келип, алардын алдында жылаңачтыгыңды ачам, ошондо алар сенин бүт маскаралыгыңды көрүшөт.

38 Мен сени ойноштук кылгандарды жана кан төккөндөрдү жазалагандай жазалайм, сени каарым менен, кызганчаактыгым менен өлүм жазасына тартам.

39 Сени алардын колуна салып берем, ошондо алар сенин бузуктук бутканаларыңды кыйратышат, сенин бутканаларыңды уратышат, үстүңдөгү кийимиңди сыйрып алышат, жасалгаларыңды жулуп алышат, өзүңдү жылаңач, жабуусуз калтырышат.

40 Сага топ элди каршы көтөрүшөт, сени таш бараңга алышат, кылычтары менен бөлө чабышат.

41 Сенин үйлөрүңдү өрттөшөт, сени көптөгөн аялдардын көз алдында жазалашат. Ошентип, сенин бузуктугуңду токтотом, ошондон кийин белек бербей каласың.

42 Ошентип, Өзүмдүн сага болгон каарымды кандырам, Менин кызганчаактыгым сенден четтейт, ошондо тынчтанам, ошондон кийин ачууланбайм.

43 Сен өзүңдүн жаш күндөрүңдү эстебегениң үчүн, Мени ушулардын бардыгы менен кыжырлантканың үчүн, Мен да сени өзүңдүн жолдоруңа жараша жазалайм, – дейт Кудай-Теңир. – Сен ушундай жийиркеничтүү иштерди кылгандан кийин, андан ары да бузуктукка берилбешиң үчүн ошентем.

**Энеси кандай болсо, кызы да ошондой**

44 Мисал менен сүйлөгөн ар ким сен жөнүндө: «Энеси кандай болсо, кызы да ошондой», – деп айта алат.

45 Сен өз күйөөсүн жана балдарын таштап кеткен энеңе окшошсуң, сен өз күйөөлөрүн жана балдарын таштап кеткен эжелериңе окшошсуң. Силердин энеңер – хеттик, атаңар – аморлук.

46 Сенин улуу эжең – сенин сол тарабыңда кыздары менен жашаган Самария, сиңдиң болсо – сенин оң тарабыңда кыздары менен жашаган Содом.

47 Бирок сен алардын жолдору менен да жүргөн жоксуң, алардын жийиркеничтүү иштерин да кылган жоксуң, ал сага аздык кылды: сен өзүңдүн бүт жолдоруңда алардан өтүп бузуктук кылдың.

48 Мен тирүүмүн, – дейт Кудай-Теңир. – Сенин сиңдиң Содом өзү да, анын кыздары да сен кылганды жана сенин кыздарың кылганды кылышкан жок.

49 Сиңдиң Содомдун жана анын кыздарынын мыйзамсыздыгы бул: текебердик, ашыра тоюу жана бекерчилик. Алар кедейлерге жана жакырларга жардам беришкен эмес.

50 Алар текеберденишти, Менин алдымда жийиркеничтүү иштерди кылышты. Муну көрүп, Мен аларды четке кактым.

51 Самария сен кылган күнөөлөрдүн жарымын да кылган жок. Сен өзүңдүн жийиркеничтүү иштериң менен алардан ашып түштүң, ушундай жийиркеничтүү иштерди кылган сага караганда эжең менен сиңдиң адилирээк болуп чыкты.

52 Эми сен да өзүңдүн маскаралыгыңды көтөр, сен өзүңдүн эжең менен сиңдиңди айыптачу элең. Сен өзүңдү күнөөлөрүң менен алардан да артык маскара кылдың, алар сага караганда адилирээк. Уяттан сен да кызар, эжең менен сиңдиңди актап, өз маскаралыгыңды көтөр.

53 Бирок Мен алардын туткундалып кеткен элин, Содомдун туткундалып кеткен элин жана анын кыздарын, Самариянын туткундалып кеткен элин жана анын кыздарын, алардын арасындагы сенин туткундалып кеткен элиңди кайра алып келем.

54 Ошондо сен өз маскаралыгыңды көтөрөсүң, алардын көңүлүн көтөрүп кылган бардык иштериң үчүн уяласың.

55 Сиңдиң Содом да, анын кыздары да өздөрүнүн мурунку абалына келишет. Эжең Самария да, анын кыздары да өздөрүнүн мурунку абалына келишет. Сен да, кыздарың да өзүңөрдүн мурунку абалыңарга келесиңер.

56 Текеберденип жүргөн күндөрүңдө өзүңдүн сиңдиң Содом жөнүндө оозуңа да алган эмессиң.

57 Ошол убакта сенин бузуктугуң Сирия кыздарынан жана аны курчап тургандардан, сени туш тараптан жек көрүү менен карап турган Пелишти кыздарынан маскара болгон убактагыдай ачылган эмес.

58 Сен өзүңдүн бузуктугуң үчүн, жийиркеничтүү нерселериң үчүн азап тартып жатасың"», – дейт Теңир.

59 Анткени Кудай-Теңир мындай дейт: «Сен кандай кылсаң, Мен сага ошондой кылам. Сен келишимди буздуң, убаданы жек көрдүң.

**Келечектеги бата жөнүндө убада**

60 Бирок Мен сенин жаш чагыңда сени менен түзгөн Өз келишимимди эстеп, сени менен түзгөн түбөлүк келишимимди калыбына келтирем.

61 Эжең менен сиңдиңди кабыл алганда, өзүңдүн жолдоруң жөнүндө эстеп уяласың. Аларды Мен сага кыз кылып берем, бирок сени менен түзгөн келишим боюнча эмес.

62-63 Мен сенин кылгандарыңдын баарын кечиргенимде, эстеп уялышың үчүн, уялганыңдан оозуңду ачпашың үчүн, Өзүмдүн сени менен түзгөн келишимимди калыбына келтирем, ошондо сен Менин Теңир экенимди билесиң», – дейт Кудай-Теңир.

**17-БӨЛҮМ**

**Бүркүттөр жана жүзүм сабагы жөнүндөгү мисал**

1 Анан мага Теңирден сөз болду:

2 «Адам уулу! Ысрайылга табышмак айт, бир мисал келтир.

3 Аларга мындай де: Кудай-Теңир мындай дейт: "Канаттары чоң жана узун, жүнү коюу жана түркүн түстүү бир чоң бүркүт Лебанонго учуп келип, кедр дарагынын учунан үзүп алды.

4 Ал анын жаш бутактарынын жогорку учунан үзүп алып, аны Канаан жерине алып келип, соодагерлер шаарына койду.

5 Анан ошол жердин уругунан алып, түшүмдүү талаага отургузду, тал отургузгандай, чоң суунун боюна отургузду.

6 Ал өсүп, бою жапыз, жайылган жүзүм сабагы болду. Анын бутактары аны көздөй ийилип турду, тамырлары анын астында эле. Ошентип, ал жүзүм сабагы болду, жаш бутактары чыгып, бутак жайды.

7 Канаттары чоң, жүнү коюу дагы бир бүркүт бар эле. Бүркүт өзүнүн бак-дарактарынын жөөктөрүнөн сугарып турушу үчүн, бул жүзүм сабагы өз тамырлары менен ага тартылып, ага өзүнүн бутактарын жайды.

8 Ал бутактарын жайып, жемиш бериш үчүн, эң сонун жүзүм сабагы болуш үчүн, жакшы талаага, чоң суунун боюна отургузулган эле".

9 Аларга мындай де: Кудай-Теңир мындай дейт: "Ал ийгиликке жетеби? Анын тамырларын жулуп салышпайбы? Анын жемиштерин үзүп алышпайбы? Ошондо ал куурап калбайбы? Андан өсүп чыккан жаш бутактардын баары куурап калат. Аны көп күч жумшабай эле, көп кишинин жардамысыз эле түп-тамыры менен жулуп салышат.

10 Ал отургузулду, бирок ийгилик болобу? Ал чыгыш шамалы согору менен куурап калбайбы? Ал өзү өскөн жөөктө куурап калат”».

**Мисалдын мааниси**

11 Анан мага Теңирден сөз болду:

12 «Козголоңчул тукумга мындай де: “Мунун мааниси эмнеде экенин билбейсиңерби?” Аларга мындай де: “Бабыл падышасы Иерусалимге келип, анын падышасы менен төрөлөрүн өзүнүн жерине, Бабылга, алып кетти.

13 Падыша тукумунан бир кишини алып, аны менен келишим түзүп, андан убада алды. Анан өзү менен кошо ал жердин күчтүүлөрүн алып кетти.

14 Падышачылык моюн сунушу үчүн, баш көтөрбөшү үчүн, келишим сакталып, бузулбай турушу үчүн ошентти.

15 Бирок ал Мисирге өз элчилерин жиберип, өзүнө ат жана көп адам сурап, Бабыл падышасына каршы чыкты. Ал ийгиликке жетеби? Муну кылган адам өзү тирүү калабы? Ал келишимди бузду, эми ал тирүү калабы?

16 Мен тирүүмүн! – дейт Кудай-Теңир. – Өзүн падыша кылып койгон Бабыл падышасынын жеринде ал өзүнүн ага берген антын жек көрүп, аны менен түзгөн келишимин бузду. Ал анын жери, Бабылда өлөт.

17 Көп адам өлтүрүлүшү үчүн жал үйүлүп, курчоо мунаралары курулуп калганда, фараон өзүнүн зор күчү менен, көп сандаган эли менен ага бул согушта эч нерсе кыла албайт.

18 Келишимди бузуш үчүн, ал өзү берген антты жек көрдү. Ал колун берип, ушунун баарын кылды, эми ал тирүү калбайт”».

19 Ошондуктан Кудай-Теңир мындай дейт: «Мен тирүүмүн! Ал жек көргөн Менин антымды, ал бузган Менин келишимимди Мен анын өз башына бурам.

20 Ага Өз торумду жаям, ал Менин торума түшөт. Анан аны Бабылга алып келем. Мага ишенимсиз болгондугу үчүн ошол жерде Мен аны менен соттошом.

21 Ал эми анын бардык кошуундарынан качкан качкындарынын баары кылычтан өлөт, калгандары болсо туш тарапка сапырылат. Ошондо силер муну Мен, Теңир, айтканымды билесиңер».

**Адилеттүү Теңирдин бере турган тиешеси**

22 Кудай-Теңир мындай дейт: «Мен бийик кедрдин учунан жаш бутак алып отургузам. Анын жогорку бутактарынан жаш бутак үзүп алып, бийик жана даңктуу тоонун үстүнө отургузам.

23 Аны Ысрайылдын бийик тоосуна отургузам, ошондо ал бутак жайып, мөмө берет, эң сонун кедр болот, анын түбүнө ар кыл куштар уялашат, анын бутактарынын көлөкөсүнө ар кыл канаттуулар уялашат.

24 Ошондо бардык талаа дарактары Менин Теңир экенимди билишет, Мен бийик даракты жапыз кылам, жапыз даракты бийик кылам, көгөргөн даракты кууратам, куураган даракты гүлдөтөм. Мен Теңирмин, айтканымды аткарам».

**18-БӨЛҮМ**

**Ысрайылга берилген буйруктар**

1 Анан мага Теңирден сөз болду:

2 «Эмне үчүн силер Ысрайыл жеринде “Ата-бабалар кычкыл жүзүм жешти, ал эми балдардын тиши камалды” деген макалды пайдаланып жатасыңар?

3 Мен тирүүмүн! – дейт Кудай-Теңир. – Мындан ары бул макалды Ысрайылда айтышпайт.

4 Анткени мына, бүт адамдардын жаны Меники: атанын жаны да, баланын жаны да Меники. Күнөө кылган жан өлөт.

5 Ким адилет болсо, акыйкаттык жана адилеттүүлүк боюнча иш кылса,

6 бийик жерлерде чалынган курмандыктан жебесе, көзүн Ысрайылдын жасалма кудайларына бурбаса, өз жакынынын аялын булгабаса, аялына таза эместигинен тазаланып жаткан учурда жакындабаса,

7 эч кимге кысым көрсөтпөсө, карыздары калтырган күрөөнү кайра берсе, уурулук кылбаса, ачкага өз нанын берсе, жылаңачты кийим менен жапса,

8 үстөккө бербесе, ашыгы менен албаса, колун мыйзамсыздык кылуудан тартса, адам менен адамдын ортосундагы талашты адилет чечсе,

9 Менин мыйзамдарым менен жүрсө, Менин буйруктарымды чын жүрөктөн сактаса, анда ал – адил адам, ал сөзсүз тирүү болот, – дейт Кудай-Теңир.

10 Бирок андан кан төккөн кылмышкер уул төрөлсө, ал атасы кылбаган нерселерди кылса:

11 бийик жерлерде чалынган курмандыктан жесе, өз жакынынын аялын булгаса,

12 жакыр менен кедейди кысымга алса, зордук менен тартып алса, күрөөгө алган нерсени кайра бербесе, көзүн жасалма кудайларга бурса, жийиркеничтүү нерсе жасаса,

13 үстөк алса, ашыгы менен алса, анда ал тирүү калабы? Жок, ал тирүү калбайт. Ушундай жийиркеничтүү иштердин баарын жасаган адам сөзсүз өлөт, анын каны өзүнүн башында.

14 Бирок андан уул төрөлсө, ал атасы кылып жаткан күнөөлөрдүн баарын көрүп, анын кылганын кылбаса:

15 бийик жерлерде чалынган курмандыктан жебесе, көзүн Ысрайылдын жасалма кудайларына бурбаса, өз жакынынын аялын булгабаса,

16 адамды кысымга албаса, күрөө албаса, зордук менен тартып албаса, ачкага өз нанын берсе, жылаңачты кийим менен жапса,

17 кедейди ыза кылуудан колун тартса, үстөк албаса, ашыгы менен албаса, Менин буйруктарымды аткарса, Менин мыйзамдарым менен жүрсө, анда ал атасынын мыйзамсыздыгы үчүн өлбөйт, ал тирүү болот.

18 Ал эми анын атасы өз бир тууганын катуу кысымга алганы үчүн, тоногону үчүн, өз элинин арасында жаман иштерди кылганы үчүн, мына, ал ошол өз мыйзамсыздыгы үчүн өлөт.

19 Бирок силер: “Эмне үчүн уулу өз атасынын айыбын тартпайт?” – дээрсиңер. Уулу мыйзам боюнча жана адилеттик боюнча жүрөт, Менин мыйзамдарымды сактайт, аларды аткарат, ошондуктан ал тирүү болот.

20 Күнөө кылган жан өлөт. Уулу атасынын айыбын тартпайт, атасы уулунун айыбын тартпайт, адил адамдын адилдиги өзү менен калат, мыйзамсыздын мыйзамсыздыгы да өзү менен калат.

21 Эгерде мыйзамсыз адам өзү кылып жүргөн бардык күнөөлөрүнөн бурулса, Менин мыйзамдарымдын бардыгын сактаса, мыйзам боюнча жана адилеттик боюнча жүрсө, тирүү болот, өлбөйт.

22 Анын кылган бардык кылмыштары эске алынбайт, ал өзүнүн адилеттүүлүгү менен тирүү болот.

23 Мен мыйзамсыздын өлүмүн каалабайм, – дейт Кудай-Теңир, – тескерисинче, анын өз жолунан бурулуп, тирүү калышын каалайм.

24 Эгерде адил адам өз адилдигинен баш тартып, адилетсиздик кыла баштаса, мыйзамсыз адам кылган жийиркеничтүү иштердин баарын кылса, ал тирүү калабы? Анын кылган бардык жакшы иштери эске алынбайт. Ал өзүнүн кылган мыйзамсыздыгы үчүн, өзүнүн кетирген күнөөлөрү үчүн өлөт.

25 Бирок силер: “Теңирдин жолу туура эмес!” – деп айтып жатасыңар. Ысрайыл эли, ук! Менин жолум туура эмеспи же силердин жолуңар туура эмеспи?

26 Эгер адил адам өз адилдигинен баш тартып, мыйзамсыздык кылса жана ошон үчүн өлсө, анда ал өзүнүн кылган мыйзамсыздыгы үчүн өлөт.

27 Эгерде мыйзамсыз адам өзү кылып жүргөн мыйзамсыздыгынан бурулуп, акыйкаттык жана адилеттүүлүк боюнча иш кылса, анда ал өз жанын өмүргө кайрыйт.

28 Анткени ал көрүп, өзү кылып жүргөн бардык кылмыштарынан бурулду. Ал тирүү болот, өлбөйт.

29 Ысрайыл болсо: “Теңирдин жолу туура эмес!” – деп жатат. Ысрайыл эли, Менин жолум туура эмеспи же силердин жолуңар туура эмеспи?

30 Ошондуктан, Ысрайыл эли, Мен силерди, ар бириңерди жолуңарга жараша соттойм, – дейт Кудай-Теңир. – Күнөөңөрдү мойнуңарга алып, Кудайдан кечирим сурагыла, өзүңөрдүн кылмыштарыңар өзүңөргө тоскоол болбош үчүн, кылмыштарыңардан бурулгула.

31 Өзүңөр кылып жүргөн күнөөлөрдүн баарынан баш тарткыла, өзүңөргө жаңы жүрөк жана жаңы рух жараткыла. Ысрайыл эли, силерге өлүмдүн кереги эмне?

32 Анткени Мен өлүп бара жаткан адамдын өлүмүн каалабайм, – дейт Кудай-Теңир. – Бурулгула, жашагыла!

**19-БӨЛҮМ**

**Ысрайыл төрөлөрү үчүн кайгыруу**

1 Сен болсо Ысрайыл төрөлөрү үчүн ыйла.

2 Сен мындай де: “Сенин энең эмне деген ургаачы арстан? Ал арстандардын арасында жатар эле, жаш арстандардын арасында өз күчүктөрүн чоңойтор эле.

3 Ал өз күчүктөрүнүн ичинен бирин багып өстүрдү. Ал жаш арстан болду, жем алганды үйрөндү, адамдарды жеди.

4 Ал жөнүндө элдер угушту. Ал элдердин оруна түштү, аны чынжыр менен кишендеп, Мисир жерине алып кетишти.

5 Жаш арстандын энеси күтүп жатып, үмүтү үзүлгөнүнө көзү жеткенде, өз күчүктөрүнүн ичинен башкасын алып, аны жаш арстан кылып өстүрдү.

6 Ал жаш арстан болгон соң, арстандардын арасында жүрүп, жем алганды үйрөнүп, адамдарды жеди.

7 Алардын жесир аялдарын булгады, алардын шаарларын кыйратты. Анын айкырыгынан жер да, анын айыл-кыштактары да кыйрады.

8 Ошондо анын тегерегиндеги аймактардын элдери ага каршы чыгышып, өздөрүнүн торун жайышты. Ал алардын оруна түштү.

9 Аны чынжыр менен кишендеп, капаска салып, Бабыл падышасына алып кетишти. Мындан ары Ысрайыл тоолорунда анын үнү угулбаш үчүн, аны сепилге алып кетишти.

10 Сенин энең суу жээгине отургузулган жүзүм сабагындай эле. Суунун молдугунан ал бутактуу да, жемиштүү да эле.

11 Бийлөөчүлөрдүн бийлик таягы үчүн анын катуу бутактары бар эле. Анын сөңгөгү калың бутактарынын арасынан бийик көтөрүлдү, ал өзүнүн көп сандаган бутактары менен бийик болуп көрүнүп турду.

12 Бирок ал каар менен жулунуп, жерге ыргытылды, анын жемишин чыгыш шамалы кургатты. Анын катуу бутактары жулунуп, куурап калды, аларды от жалмады.

13 Эми болсо ал чөлгө, какшып калган, суусуз жерге отургузулду.

14 Анын бутактарынын сөңгөгүнөн от чыгып, өзүнүн жемиштерин жалмады, анда бийлөөчүнүн бийлик таягы үчүн катуу бутак калбай калды. Бул – муңдуу ыр, ал ый үчүн калат».

## 20-БӨЛҮМ

### Теңирдин Ысрайылды жазалашы

1 Жетинчи жылы, бешинчи айдын онунчу күнү Ысрайыл аксакалдарынын ичинен бир нече киши Теңирдин эркин сураганы келишип, менин бет алдыма отурушту.

2 Ошондо мага Теңирден сөз болду:

3 «Адам уулу! Ысрайыл аксакалдары менен сүйлөш, аларга айт: Кудай-Теңир мындай дейт: "Силер Менин эркимди сураганы келдиңерби? Мен тирүүмүн, силерге жооп бербейм", – дейт Кудай-Теңир.

4 Адам уулу, алар менен соттошкуң келеби? Алар менен соттошкуң келеби? Аларга ата-бабаларынын жийиркеничтүү иштерин айт.

5 Аларга мындай де: Кудай-Теңир мындай дейт: "Мен Ысрайылды тандап алган күнү Өз колумду көтөрүп, Жакып тукумуна ант бердим. Аларга Мисир жеринде ачылып бердим, колумду көтөрүп, аларга: «Мен силердин Кудай-Теңириңермин!» – дедим.

6 Ошол күнү Мен колумду көтөрүп, аларды Мисир жеринен алып чыгып, алар үчүн караштырган, жердин асылы болгон, бал менен сүт аккан жерге алып барам деп ант бердим.

7 Мен аларга: «Ар бириңер көз алдыңарда турган жийиркеничтерди четке каккыла, өзүңөрдү Мисирдин жасалма кудайлары менен булгабагыла. Мен силердин Кудай-Теңириңермин!» – дедим.

8 Бирок алар Мага каршы козголоң чыгарышып, Мени уккулары келген жок. Эч ким көз алдында турган жийиркеничтерден баш тарткан жок, Мисирдин жасалма кудайларын таштаган жок. Ошондо Мен: «Аларга Мен Өз каарымды төгөм, Мисир жеринде аларга каршы Өзүмдүн ачуумду аягына чыгарам», – дедим.

9 Бирок Мен Өз ысымым үчүн анткен жокмун. Анткени Ысрайыл уулдары кайсы элдердин арасында жашап жатса, ошол элдердин алдында, аларды Мисир жеринен алып чыгыш үчүн, Өзүмдү аларга кайсы элдердин көз алдында ачып берсем, ошол элдердин алдында Өз ысымым булганбасын дедим.

10 Мен аларды Мисир жеринен алып чыгып, чөлгө алып келдим.

11 Аларга Өзүмдүн осуяттарымды бердим, Өзүмдүн мыйзамдарымды жарыя кылдым, аларды аткарган адам алар аркылуу тирүү калмак.

12 Ошондой эле Мен аларга Өзүмдүн ишембилеримди бердим, аларды Мени менен алардын ортосундагы белги болуш үчүн, аларды ыйык кылган Теңир Мен экенимди билишсин үчүн бердим.

13 Бирок Ысрайыл эли чөлдө Мага каршы козголоң чыгарды. Менин осуяттарым боюнча жүрүшкөн жок, Менин мыйзамдарымдан баш тартышты, аларды аткарган адам алар аркылуу тирүү калмак. Менин ишембилеримди ыйык тутушкан жок. Ошондо Мен: «Чөлдө аларды кырыш үчүн, алардын үстүнө Мен Өз каарымды төгөм», – дедим.

14 Бирок Мен Өз ысымым үчүн аларды кырган жокмун. Аларды кайсы элдердин көз алдында алып чыксам, ошол элдердин алдында Өзүмдүн ысымыма акарат келбеши үчүн ошенттим.

15 Атүгүл, Мен Өз колумду аларга каршы көтөрүп, Өзүм белгилеп койгон, бүт жердин асылы болгон, бал менен сүт аккан жерге аларды киргизбейм деп, чөлдө ант бердим.

16 Анткени алар Менин мыйзамдарымдан баш тартышты, Менин осуяттарым боюнча жүрүшкөн жок, Менин ишембилеримди булгашты. Анткени алардын жүрөгү жасалма кудайларга умтулуп калган эле.

17 Бирок Менин көзүм аларды аяды, ошондуктан аларды өлтүргөн жокмун, ошондуктан Мен аларды чөлдө таптакыр кырып салган жокмун.

18 Ошондо Мен чөлдө алардын уулдарына мындай деп айттым: «Ата-бабаларыңардын каада-салттары менен жүрбөгүлө, алардын көрсөтмөлөрүн аткарбагыла, алардын жасалма кудайлары менен өзүңөрдү булгабагыла.

19 Мен силердин Кудай-Теңириңермин: Менин осуяттарым боюнча жүргүлө, Менин мыйзамдарымды сактагыла, аларды аткаргыла.

20 Менин ишембилеримди ыйык сактагыла, алар Мени менен силердин ортоңордогу белги болсун, силердин Кудай-Теңириңер Мен экенимди билгиле».

21 Бирок уулдары да Мага каршы козголоң чыгарышты: Менин осуяттарым боюнча жүрүшкөн жок, Менин мыйзамдарымды сакташкан жок, аларды аткарган адам тирүү калмак, бирок алар аткарышкан жок, Менин ишембилеримди ыйык тутушкан жок. Ошондо Мен: «Алардын үстүнө Өзүмдүн каарымды төгөм, чөлдө аларга каршы Өзүмдүн ачуумду бүт төгөм», – дедим.

22 Бирок Мен колумду тартып, Өз ысымым үчүн, аларды кайсы элдердин көз алдында алып чыксам, ошол элдердин алдында Өзүмдүн ысымыма акарат келбеш үчүн, аларды кырган жокмун.

23 Ошондой эле Мен чөлдө Өз колумду көтөрүп, аларды элдердин арасына чачып жиберем, жер-жерлерге таратып жиберем деп ант бердим.

24 Анткени алар Менин мыйзамдарымды аткарышкан жок, Менин осуяттарымдан баш тартышты, Менин ишембилеримди ыйык тутушкан жок, алардын көздөрү өз ата-бабаларынын жасалма кудайларына бурулду.

25 Ошондо Мен аларга жаман мыйзамдарды, алар аркылуу тирүү калууга болбой турган жаман буйруктарды бердим.

26 Алар ар бир тунгуч баласын отко өрттөй башташканда, Мен аларга өздөрүнүн курмандыктары менен булганууга жол бердим, аларды кырыш үчүн ошенттим, Менин Теңир экенимди билишсин дедим".

27 Адам уулу, ошондуктан Ысрайылга айт: Кудай-Теңир мындай дейт: "Ата-бабаларыңар Мага каршы жүзү каралык кылып, дагы мына булар менен Мага акарат келтиришти:

28 Мен аларды колумду көтөрүп ант берген жерге алып келдим, алар болсо өздөрүнө ар кандай бийик жерлерди, ар кандай бутактуу дарактарды тандап алышып, ошол жерлерге өздөрүнүн курмандыктарын чала башташты, ошол жерлерге Мени каарданткан курмандыктарын, жыпар жыттуу заттарын коюшту, ошол жерлерде куюлуучу курмандыктарын куюшту.

29 Ошондо Мен алардан: «Силер барып жүргөн эмне деген бийик жер?» – деп сурадым. (Анын аты ушул күнгө чейин Бама деп аталат.)"

30 Ошондуктан Ысрайылга айт: Кудай-Теңир мындай дейт: "Силер өз ата-бабаларыңарды туурап, өзүңөрдү булгап жаткан жоксуңарбы, алардын жийиркеничтеринин артынан ээрчип, бузуктук кылып жаткан жоксуңарбы?

31 Тартууларыңарды алып келип, уулдарыңарды отко өрттөп, жасалма кудайларыңар менен өзүңөрдү ушул күнгө чейин булгап жатасыңар. Ошондон кийин, Ысрайыл эли, Менден сурагыңар келип жатабы? Мен тирүүмүн, силерге жооп бербейм, – дейт Кудай-Теңир.

32 Ойлогон оюңар, «Биз бутпарас элдерге, чет жерлик урууларга окшоп, таш менен жыгачка кызмат кылабыз» деген сөзүңөр ордунан чыкпайт.

**Ысрайылдын келечекте жазаланары жөнүндө**

33 Мен тирүүмүн, – дейт Кудай-Теңир, – күчтүү колум менен, сунулган каруу-булчуңум менен, төгүлгөн каарым менен силердин үстүңөрдөн падышачылык кылам.

34 Мен силерди кайсы элдердин арасына чачып жиберсем, ошол элдердин арасынан, кайсы өлкөлөргө чачып жиберсем, ошол өлкөлөрдөн алып чыгып, күчтүү колум менен, сунулган каруу-булчуңум менен, төгүлгөн каарым менен чогултам.

35 Силерди элдердин чөлүнө алып келем, ошол жерде силер менен бетме-бет соттошом.

36 Мисир жериндеги чөлдө Мен силердин ата-бабаларыңар менен кандай соттошсом, силер менен да ошондой соттошом, – дейт Кудай-Теңир.

37 Силерди таяк астынан өткөрүп, келишим бирдигине киргизем.

38 Силердин араңардан козголоңчуларды жана Мага моюн сунбагандарды бөлөм. Аларды жашап жаткан жеринен чыгарам, бирок алар Ысрайыл жерине киришпейт. Ошондо Менин Теңир экенимди билесиңер.

39 Силер болсо, Ысрайыл, – Кудай-Теңир мындай дейт, – эгерде Мени укпасаңар, ар кимиңер өзүңөрдүн жасалма кудайларыңарга баргыла да, ошолорго кызмат кылгыла, мындан кийин Менин ыйык ысымымды өзүңөрдүн курмандыктарыңар менен, жасалма кудайларыңар менен булгабагыла.

40 Анткени Менин ыйык тоомдо, Ысрайылдын бийик тоосунда, – дейт Кудай-Теңир, – ошол жерде бүт Ысрайыл, алар жер үстүндө канча болсо, ошонун баары Мага кызмат кылышат, ошол жерде Мен аларды ырайым менен кабыл алам, ошол жерде Мен силердин курмандыктарыңарды, биринчи түшүмүңөрдү ыйык нерселериңер менен кошо талап кылам.

41 Силерди элдердин арасынан алып чыккандан кийин, силерди кайсы өлкөлөргө чачып жиберсем, ошол өлкөлөрдөн чогултуп алгандан кийин, силерди жыпар жыттуу зат катары кабыл алам. Силер аркылуу башка элдерге ыйыктыгымды көрсөтөм.

42 Мен Өз колумду көтөрүп, ата-бабаларыңарга берем деп ант берген жерге, Ысрайыл жерине, силерди киргизгенде, Менин Теңир экенимди билесиңер.

43 Ошол жерде силер өзүңөрдүн жолдоруңарды, силерди булгаган бардык иштериңерди эстейсиңер. Ошондо өзүңөрдүн кыянат иштериңер үчүн өзүңөрдөн өзүңөр жийиркенесиңер.

44 Ысрайыл эли, Мен силерге мыйзамсыз жолдоруңарга жараша эмес, бузуку иштериңерге жараша эмес, Өз ысымым үчүн ушундай кылганда, Менин Теңир экенимди билесиңер”», – дейт Кудай-Теңир.

**Түштүк токою жөнүндө пайгамбарчылык**

45 Ошондо мага Теңирден сөз болду:

46 «Адам уулу! Жүзүңдү түштүккө карай буруп, түштүккө каршы сөз айт жана түштүк талаасындагы токойго каршы пайгамбарчылык кыл.

47 Түштүк токоюна айт: “Теңирдин сөзүн ук. Кудай-Теңир мындай дейт: «Мен сенин ичиңе от коём, ал сендеги ар кандай көгөргөн даракты да, ар кандай кургаган даракты да жалмайт. Алоолонгон от өчпөйт, ал от түштүктөн тартып түндүккө чейин баарын күйгүзөт».

48 Ошондо ар бир адам ал отту Мен, Теңир, күйгүзгөнүмдү көрөт, ал от өчпөйт”».

49 Ошондо мен: «Оо Кудай-Теңир! Алар мен тууралуу: “Ал мисал келтирип жаткан жокпу?” – деп жатышат», – дедим.

**21-БӨЛҮМ**

**Теңирдин кылычы жөнүндө**

1 Анан мага Теңирден сөз болду:

2 «Адам уулу! Жүзүңдү Иерусалимге буруп, ыйык жайга каршы сөз айт жана Ысрайыл жерине каршы пайгамбарчылык кыл,

3 Ысрайыл жерине айт: Кудай-Теңир мындай дейт: “Мен сага каршымын, Өз кылычымды кынынан сууруп алып, сенин ичиңдеги адилди да, мыйзамсызды да кырам.

4 Ал эми сендеги адилди жана мыйзамсызды кырыш үчүн, Менин кылычым кынынан суурулуп, түштүктөн түндүккө чейин ар бир адамга каршы шилтенет”.

5 Ошондо ар бир адам Мен, Теңир, Өз кылычымды кынынан сууруганымды, ал кынына кайра салынбасын билет.

6 Сен болсо, адам уулу, белиң сынгансып онто, алардын көз алдында кайгыга батып онто.

7 Алар сенден: “Сен эмнеге онтоп жатасың?” – деп сурашса, “Келген кабардан”, – деп жооп бер. Ошондо ар бир жүрөктүн үшү алынат, бардык колдор шалдаят, ар бир рух алсырайт, бүт тизелер сууга окшоп титирейт. Мына, бул келе жатат, иш жүзүнө ашат», – дейт Кудай-Теңир.

8 Анан мага Теңирден сөз болду:

9 «Адам уулу! Мындай деп пайгамбарчылык кыл: Кудай-Теңир мындай дейт: “Кылыч, кылыч курчутулду жана тазаланды.

10 Ал мууздоо үчүн курчутулду, ал чагылгандай жаркыраш үчүн тазаланды”. Менин уулумдун бийлик таягынын ар кандай даракты жек көргөнүнө кубанышыбыз керекпи?

11 Мен аны колго алыш үчүн, тазалоого бердим. Киши өлтүргүчтүн колуна бериш үчүн, ал кылыч курчутулду жана тазаланды.

12 Адам уулу, онто, боздоп ыйла, анткени ал Менин элиме жана Ысрайылдын бүт төрөлөрүнө каршы. Алар Менин элим менен бирге кылыч мизине берилет. Ошондуктан белиңди чапкыла.

13 Анткени ал сыноодон өттү. Эгерде ал бийлик таягын да жек көрсө, эмне болот? Ал туруштук бере албайт, – дейт Кудай-Теңир.

14 Сен болсо, адам уулу, пайгамбарчылык кыл, алаканыңды чап, ошондо кылыч эки эсе, үч эсе көбөйөт: кылыч жеңилгендерге каршы, кылыч алардын турак жайларына кирген улуу адамга каршы.

15 Жүрөктөрдүн үшү алынышы үчүн, өлгөндөр мындан да көп болушу үчүн, Мен алардын бүт дарбазаларынын алдына коркунучтуу кылычты коём! Чагылгандай жаркыраган, союш үчүн курчутулган кылычты коём.

16 Даярдан, оңго же солго жөнө, жүзүң кайда бурулса, ошол жакка жөнө.

17 Мен да кол чабам, Өзүмдүн каарымды кандырам. Мен, Теңир, айттым».

**Бабыл падышасынын кылычы жөнүндө**

18 Анан мага Теңирден сөз болду:

19 «Сен, адам уулу, Бабыл падышасынын кылычы өтө турган эки жолду элестет, ал эки жол тең бир жерден чыгышы керек, көрсөткүч кой, шаарга кире турган жолдун башына көрсөткүч кой.

20 Кылыч Амон уулдарынын Рабе шаарына жана Жүйүт аймагына, сепилдүү Иерусалимге барышы үчүн жол жаса.

21 Анткени Бабыл падышасы эки жолдун айрылышына, эки жолдун башына төлгө салуу үчүн токтоду: жебелерин силкилдетти, терафимден сурады, боорду карады.

22 Анын оң колундагы төлгө “Иерусалимге” деп түштү, ал жерге талкалагычтарды коюш керек экенин, өлтүрүш үчүн ооз ачыш керек экенин, согуш урааны үчүн катуу кыйкырыш керек экенин, дарбазалардын

алдына талкалагычтарды коюш керек экенин, жал үйүш керек экенин, курчоо мунараларын куруш керек экенин көрсөттү.

23 Бул төлгө алардын көзүнө жалган болуп көрүндү. Бирок алар ант беришкендиктен, ал алардын ушул жүзү каралыгын эстеп, аларды каратып алууну чечти.

24 Ошондуктан Кудай-Теңир мындай дейт: "Силер кылмыштарыңарды ачыкка чыгарып, ар бир ишиңерде өзүңөрдүн күнөөлөрүңөрдү көрсөтүп, мыйзамсыздыгыңарды өзүңөр эсиме салып жатасыңар. Муну өзүңөр эсиме салып жатасыңар, ошондуктан силер кол менен туткундалып кетесиңер.

25 Сен да, Ысрайылдын татыксыз, кылмышкер жол башчысы, акыркы күнөөнүн мезгилинде күнү келген адам,

26 Кудай-Теңир мындай дейт: «Баш кийимиңди чеч, таажыңды алып кой. Эми андай болбойт. Кемсинтилген көтөрүлөт, көтөрүлгөн кемсинтилет.

27 Кулатам, кулатам, кулатам. Ал жок болот, ал Кимге таандык болсо, Ошол келгенге чейин ошондой болот, Мен аны Ошого берем»".

**Амондуктарга каршы көтөрүлгөн кылыч жөнүндө**

28 Сен, адам уулу, пайгамбарчылык кылып айт: Кудай-Теңир Амон уулдары жөнүндө жана алардын көрсөткөн кордугу жөнүндө мындай дейт де: "Кылыч, кылыч союш үчүн кынынан суурулду, кырып-жоюш үчүн, чагылгандай жаркыраш үчүн тазаланды.

29 Сага курулай пайгамбарчылык кылышкандыгы үчүн, жалган төлгө ачышкандыгы үчүн сен өлүмгө өкүм кылынган, акыркы күнөөнүн убагында күнү келген мыйзамсыздарга кошуласың.

30 Аны кынына кайра салайынбы? Сени өзүң жаралган жерде, өзүң туулган жерде соттойм.

31 Сага каарымды төгөм, сага Өзүмдүн каарымдын отун үйлөйм, сени адам өлтүргөнгө чебер, канкор адамдардын колуна салып берем.

32 Сен отко жем болосуң, сенин каның жерде калат. Сен жөнүндө эскерип да коюшпайт. Муну Мен, Теңир, айттым"».

**22-БӨЛҮМ**

**Иерусалимдин күнөөлөрү**

1 Анан мага Теңирден сөз болду:

2 «Адам уулу, сен соттогуң келеби, кандуу шаарды соттогуң келеби? Ага анын бардык жийиркеничтүү иштерин айт.

3 Ага айт: Кудай-Теңир мындай дейт: "Оо, өз мезгили келиши үчүн, өз ичинде кан төккөн шаар, өзүн булгаш үчүн, жасалма кудайларды жасаган шаар!

4 Сен өзүң төккөн кан менен өзүңдү күнөөлүү кылдың, өзүң жасаган жасалма кудайлар менен өзүңдү булгадың, өзүңдүн күндөрүңдү жакындаттың, жазалана турган жылыңа жеттиң. Ошон үчүн сени бүт элдердин, бүт өлкөлөрдүн колуна салып берем, алар сени кордошот, шылдың кылышат.

5 Сага жакын тургандар да, сенден алыс тургандар да сени шылдыңдашат, өзүнүн ысымын булгаган, кан төгүү менен атагы чыккан шаар.

6 Сенин ичиңде өз күчүнө жараша кан төккөн Ысрайылдын башчылары болгон.

7 Сенде атасы менен энесине тил тийгизишет, сенин ичиңде келгиндерди ыза кылышат, сенде жетим менен жесирди кысымга алышат.

8 Менин ыйык жайымды жек көрөсүң, ишембилеримди ыйык тутпайсың.

9 Кан төгүш үчүн, сенде жалаа жабуучулар бар, сенин тоолоруңда жасалма кудайларга чалынган курмандыктарды жешет, сенин ичиңде ыпылас иштерди кылышат.

10 Сенде атасынын жылаңач этин ачышат, сенде аялын тазаланып жаткан убагында зордукташат.

11 Бири өз жакынынын аялы менен жийиркеничтүү иш кылат, бири өз келинин булгайт, бири өз атасынын кызын, өз карындашын зордуктайт.

12 Кан төгүү үчүн, сенин ичиңде пара алышат. Сен үстөк алыш үчүн бересиң, ашыгы менен аласың, жакыныңдан зордук менен пайда табасың, Мени болсо унутуп койдуң, – дейт Кудай-Теңир.

13 Мен сенде болуп жаткан ач көздүк үчүн, сенин ичиңде болуп жаткан кан төгүү үчүн колумду серпип жибердим.

14 Мен сага каршы чыккан күндөрү жүрөгүң туруштук бере алар бекен, колдоруң бекем болор бекен? Мен, Теңир, айтканымды жасайм.

15 Сени элдердин арасына чачып жиберем, жер-жерлерге сапырып жиберем, ошентип, сенин ичиңдеги жийиркеничтериңди жок кылам.

16 Элдердин алдында сен өзүңдү өзүң жек көрүндү кыласың, ошондо Менин Теңир экенимди билесиң”».

**Эритүүчү меш жөнүндө**

17 Анан мага Теңирден сөз болду:

18 «Адам уулу! Мен үчүн Ысрайыл тукуму ширенди болуп калды. Алардын баары – мештин ичиндеги калай, жез, темир жана коргошун, алар күмүштүн ширендиси болуп калышты.

19 Ошондуктан Кудай-Теңир мындай дейт: “Баарыңар ширенди болуп калганыңар үчүн Мен силерди Иерусалимге чогултам.

20 Мешке күмүштү, жезди, темирди, коргошунду жана калайды кандай чогуу салышса, от үйлөп, кандай эритишсе, Мен да силерди Өзүмдүн каарым менен, ачуум менен чогултуп, мешке салып эритем.

21 Силерди чогултуп туруп, үстүңөргө Өзүмдүн каарымдын отун үйлөйм, ошондо силер ошол оттун ичинде эрийсиңер.

22 Мештин ичинде күмүш кандай эрисе, силер да оттун ичинде ошондой эрийсиңер. Ошондо силерге Өз каарымды чачкан Мен, Теңир, экенимди билесиңер”».

**Ысрайыл төрөлөрүнүн күнөөлөрү**

23 Анан мага Теңирден сөз болду:

24 «Адам уулу! Ага айт: “Сен тазаланбаган жерсиң, Мен каарымды төккөн күнү жамгыр менен сугарылбай калган жерсиң!”

25 Анын ичиндеги анын пайгамбарларынын уюму өзүнүн олжосун тыткылаган, айкырган арстандай. Алар адамдарды жешет, мал-мүлктү, кымбат баалуу буюм-тайымдарды талап-тоношот, жесирлердин санын көбөйтүшөт.

26 Анын ыйык кызмат кылуучулары Менин мыйзамымды бузуп жатышат, Менин ыйык жайларымды булгап жатышат, ыйыкты ыйык эместен айырмалашпайт, таза менен таза эместин айырмасын көрсөтүшпөйт, Менин ишембилериме көздөрүн жуумп коюшкан, алар Мени барк албай калышты.

27 Анын төрөлөрү пайда табыш үчүн кан төккөн, киши өлтүргөн, олжону тыткан карышкырлардай.

28 Анын пайгамбарлары болсо баарын ылай менен шыбашат, жок нерсени көрүшөт, аларга алдын ала жалганды айтышат, Теңир айтпаса да, “Кудай-Теңир мындай дейт”, – дешет.

29 Ал эми карапайым адамдар бири-бирин эзишет, жарды менен кедейди талап-тоношот, кысымга алышат, келгинди адилетсиз эзишет.

30 Мен бул жерди кыйратпаш үчүн, алардын ичинен дубал кура турган, Менин алдымда ушул жер үчүн жаракада тура турган адам издедим, бирок тапкан жокмун.

31 Ошондуктан Мен аларга каарымды төгөм, аларды Өз каарымдын оту менен кырам, аларды жолдоруна жараша жазалайм», – дейт Кудай-Теңир.

**23-БӨЛҮМ**

**Айола менен Айолиба жөнүндө**

1 Анан мага Теңирден сөз болду:

2 «Адам уулу! Бир эненин кыздары болгон эки аял бар эле.

3 Алар Мисирде бузуктук кылышты, жаш чагынан бузуктук кылышты. Ошол жерде алардын төштөрү эзилди, ошол жерде алардын эркек тийбеген төштөрүнүн түймөлөрүн эзишти.

4 Алардын ысымдары: эжесинин ысымы Айола, ал эми сиңдисиники Айолиба эле. Алар Менин кыздарым эле, алар уулдарды жана кыздарды төрөштү. Айола Самария деп, Айолиба Иерусалим деп аталчу.

5 Айола Мени таштап, бузуктук кыла баштады. Ойношторуна, кошуналары болгон ашурлуктарга, кумарын арттырды.

6 Алар жакут түстүү кездемеден кийим кийген дубан башчылары жана шаар башчылары, ат үстүндө жүргөн жаш, сулуу жигиттер эле.

7 Ашур уулдарынын тандамал жигиттери менен ыксыз бузуктук кылды, кимге гана кумарын арттырбасын, ошонун бүт жасалма кудайлары менен өзүн булгады.

8 Мисирликтер менен бузуктук кылганын да токтотподу, анткени алар аны менен жаш чагында жатышкан, анын эркек тийбеген төштөрүнүн түймөлөрүн эзип, аны менен өздөрүнүн кумарын кандырышкан.

9 Ошон үчүн Мен аны өзүнүн кумарын арттырган ойношторунун – Ашур уулдарынын колуна салып бердим.

10 Алар анын жылаңач этин ачып, анын уулдары менен кыздарын алып кетишти, өзүн болсо кылычтап өлтүрүштү. Ошентип, ал аялдар арасында маскара болду, аны өлүм жазасына тартышты.

11 Анын сиңдиси Айолиба муну көрүп, өзүнүн кумарын андан бешбетер арттырды, анын бузуктугу эжесинин бузуктугунан ашып түштү.

12 Ал Ашур уулдарына – дубан башчыларына, шаар башчыларына, кошуналарына, жакшы кийинген, ат минген атчандарга, ат чапкандарга, тандамал жигиттерге кумарын арттырды.

13 Мен анын өзүн булгаганын, экөөнүн тең жолу бир экенин көрдүм.

14 Айолиба өзүнүн бузуктугун дагы арттырды, анткени дубалдын бетине чегилген эркектерди,

15 белдерине кур байлаган, баштарына баш кийим кийген, кебетелери болсо Каздим жеринде төрөлгөн Бабыл уулдарына окшош аскер башчыларын, дубалдын бетине боёк менен тартылган каздимдерди көрдү.

16 Ал аларды бир көргөндө ашык болуп, аларга, Каздим жерине элчилерди жөнөттү.

17 Ошондо Бабыл уулдары анын ойноштук төшөгүнө келишти, өздөрүнүн бузуку иштери менен аны булгашты, ал өзүн алар менен булгады, анан алардан жаны жийиркенди.

18 Ал өзүнүн бузуку иштерине ачык берилип кетип, өзүнүн жылаңач этин ачканда, Менин жаным анын эжесинен кандай жийиркенсе, Менин жаным андан да ошондой жийиркенди.

19 Ал Мисир жеринде, жаш чагында бузуктук кылган күндөрүн эсине түшүрүп, бузуку иштерин арттыра берди.

20 Денеси эшектикиндей болгон, кумары айгырдыкындай болгон ойношторуна кумарын арттыра берди.

21 Ошентип, сен өзүңдүн жаш кездеги бузуктугуңду, мисирликтер сенин эркек тийбеген төшүңдүн түймөлөрүн эзген учурду эсиңе түшүрдүң».

22 Ошондуктан, Айолиба, Кудай-Теңир мындай дейт: «Мен сенин жаның жийиркенген ойношторуңду сага каршы козгойм, аларды туш-туштан сага каршы алып келем:

23 Бабыл уулдарын жана бүт каздимдерди, Пекотту, Шоаны, Коаны, алар менен бирге Ашурдун бүт уулдарын – сымбаттуу жаш жигиттерди, дубан башчыларын жана шаар башчыларын, мансаптуу жана атактуу кишилерди, бардык мыкты атчандарды сага каршы алып келем.

24 Алар сага каршы курал-жарак менен, аттары жана майдан арабалары менен, туулга, калкан, соот кийген сансыз кол менен келишет; сени тегеректеп, ортого алышат. Сени алардын сотуна берем, алар сени өз соту менен соттошот.

25 Мен Өзүмдүн кызганычымды сага каршы бурам, ошондо сени аёосуз жазалашат: Сенин кулагың менен мурдуңду кесишет, ал эми сенин калдыгың кылычтан өлөт. Уулдарың менен кыздарыңды алып кетишет, ал эми калган элиңди от жалмайт.

26 Үстүңдөгү кийимдериңди чечип кетишет, жасалгаларыңды алып кетишет.

27 Ошентип, сенин Мисир жеринен алып келген аягы суюктугуңду, бузуктугуңду токтотом. Ошондон кийин сен аларга көзүңдү бурбай каласың, Мисир жөнүндө эстебей каласың».

28 Анткени Кудай-Теңир мындай дейт: «Мына, Мен сени өзүң жек көрүп калгандардын колуна, жаның жийиркенгендердин колуна берем.

29 Алар сага жек көрүү менен мамиле кылышып, эмгектенип тапканыңдын баарын алып кетишет, өзүңдү жабуусуз, жылаңач калтырышат, ошондо жийиркеничтүү жылаңачтыгың да, бузуктугуң да, аягы суюктугуң да айгине болот.

30 Элдер менен ойноштук кылып, алардын жасалма кудайлары менен өзүңдү булгагандыгың үчүн сага ушундай болот.

31 Сен эжеңдин жолу менен жүрдүң. Ошон үчүн анын чөйчөгүн сенин колуңа берем.

32 Кудай-Теңир мындай дейт: “Сен эжеңдин чуңкур, чоң чөйчөгүнөн ичесиң, анын чоң сыйымдуулугуна жараша шылдыңга каласың, маскара болосуң.

33 Мас болосуң, күйүткө толосуң: сага коркунучка жана кыйроого толгон чөйчөктү, эжең Самариянын чөйчөгүн ичирем!

34 Анын түбүн какшыта ичесиң, сыныктарын кемиресиң, төшүңдү тытасың, анткени муну Мен, Теңир, айттым”».

35 Ошондуктан Кудай-Теңир мындай дейт: «Мени унутуп, Менден бурулуп кеткендигиң үчүн, өзүңдүн мыйзамсыздыгыңдын, бузуктугуңдун азабын тарт».

36 Анан мага Теңир мындай деди: «Адам уулу! Айола менен Айолибаны соттогуң келеби? Аларга өздөрүнүн ыпыластыктары жөнүндө айт.

37 Анткени алар ойноштук кылышты, алардын колдору кан, алар өздөрүнүн жасалма кудайлары менен ойноштук кылышты, Мага төрөп берген уулдарын аларга жем кылып, отко өрттөштү.

38 Алар Мага дагы мындай кылышты: ошол эле күнү Менин ыйык жайымды булгашты, Менин ишембилеримди ыйык тутушкан жок.

39 Алар жасалма кудайларына арнап өз балдарын курмандыкка чалгандан кийин, ошол эле күнү Менин ыйык жайымды булгаганы келишти. Алар Менин үйүмдө ушундай кылышты!

40 Андан тышкары, алыстан келгендерге киши жиберишти, аларга элчилерди жөнөтүштү. Алар келишти. Сен алар үчүн жуундуң, көзүңө сурма койдуң, жасалгалар менен жасалгаландың.

41 Жаткан жериңдеги кооз төшөккө отурдуң, анын алдында даярдалган дасторкон бар эле, анын үстүнө Менин жыпар жыттуу заттарымды, Менин зайтун майымды койдуң.

42 Аныкынан шаттанган элдин үнү жаңырып турду, калың топтун арасына чөлдөн мастарды жетелеп келип жатышты. Алар булардын колдоруна билерик, баштарына кооз таажы тагып жатышты.

43 Ошондо Мен карыганча ойноштук кылган бул аял жөнүндө: “Эми анын бузуктугу өзү менен кошо бүтөт”, – дедим.

44 Бирок ага бузулган аялга келгендей келип жатышты. Айола менен Айолибага бузулган аялдарга келгендей келип жатышты.

45 Бирок аларды адил адамдар ойноштук кылган аялдарды соттогондой соттошот, аларды кан төккөндөрдү соттогондой соттошот, анткени алар – ойноштук кылган аялдар, алардын колдорунда кан бар».

46 Анткени Кудай-Теңир мындай дейт: «Аларга каршы топ эл чакыр, аларды коркунучка, талап-тоноого салып бер.

47 Ошондо аларды топ эл таш бараңга алат, аларды өздөрүнүн кылычы менен кыя чабат, алардын кыздары менен уулдарын өлтүрөт, үйлөрүн өрттөйт.

48 Бул жердеги бузуктуктун аягына ушинтип чыгам. Ошондо бардык аялдар сабак алып, силерге окшоп уят иштерди кылышпайт.

49 Бузуктугуңарды өз мойнуңарга салышат, өзүңөрдүн жасалма кудайларыңар менен кылган күнөөңөр үчүн жазаланасыңар, ошондо силер Менин Кудай-Теңир экенимди билесиңер».

**24-БӨЛҮМ**

**Кайнап жаткан казан жөнүндө**

1 Тогузунчу жылдын онунчу айынын онунчу күнү мага Теңирден сөз болду:

2 «Адам уулу! Ушул күндүн атын, ушул күндүн өзүн жазып ал: так ушул күнү Бабыл падышасы Иерусалимге келет.

3 Козголоңчул тукумга үлгү-насаат айт, аларга Кудай-Теңир мындай дейт: "Казан асып, ага суу куй.

4 Ага жиликтеп бөлүнгөн эттерди сал, эттин эң жакшысын: жамбашты жана далыны сал, аны тандалган сөөктөргө толтур.

5 Тандалган койлордон ал, казандын астына от жак, казандагы сөөктөр этинен шылынып бышканча кайнат".

6 Ошондуктан Кудай-Теңир мындай дейт: "Кандуу шаарга кайгы! Ичинде даты бар казанга, даты кетпеген казанга кайгы! Өкчөмө таш ыргытпастан, андан жилик артынан жилик ыргыткыла.

7 Анткени анын каны өз ичинде. Ал аны жылаңач аскада калтырды. Топурак басып калбаш үчүн, аны жерге төккөн жок.

8 Өч алыш үчүн каарды козгосун деп, топурак басып калбасын деп, Мен анын канын жылаңач аскага калтырдым".

9 Ошондуктан Кудай-Теңир мындай дейт: "Кандуу шаарга кайгы! Мен да чоң от жагам.

10 Отун сала түш, от жак, этти эзилте бышыр. Шорпо соолуп, сөөктөр күйүп кетсин.

11 Казан бошогондо, аны чокко кой, ал кызарып күйсүн, анын жези абдан кызысын, ичиндеги таза эместиги эрисин, анын бүт даты кетсин.

12 Жумуш оор болот, бирок анын калың даты кетпейт, анын даты отто да кетпейт.

13 Сенин таза эместигиң ушунчалык жийиркеничтүү болгондуктан, Мен сени канча тазаласам да, сен баары бир таза эмессиң. Мен Өзүмдүн сага болгон каарымды кандырмайынча, сен мындан ары да өзүңдүн таза эместигиңден тазаланбайсың.

14 Мен Теңирмин, Мен айтып жатам: Ал келет, Мен аны жасайм. Жасабай койбойм, аябайм, ырайым кылбайм. Сени жолдоруңа жараша, иштериңе жараша соттошот"», – дейт Кудай-Теңир.

**Пайгамбардын аялынын өлүмү**

15 Анан мага Теңирден сөз болду:

16 «Адам уулу! Мен сенин көзүңдүн ыракатын оорутуп, күтүлбөгөн жерден алып кетем. Бирок сен кайгырба, ыйлаба, көзүңдөн жаш чыкпасын.

17 Үнүңдү чыгарбай онто, өлгөндөрдү жоктоп аза күтпө, бирок башыңды таңып ал, бутуңа бут кийим кий, сакалыңды жаппа, башкалардын колунан нан жебе».

18 Мен эртең менен элге сөз айткандан кийин, кечинде аялым өлдү. Эртеси эртең менен мага кандай буйрулса, ошондой кылдым.

19 Ошондо эл мага: «Сен кылып жаткандын биз үчүн кандай мааниси бар экенин айтып бербейсиңби?» – дешти.

20 Мен аларга мындай деп айттым: «Мага Теңирден сөз болду:

21 "Ысрайылга айт: Кудай-Теңир мындай дейт: «Силердин күчүңөрдүн таянычы болгон, силердин көзүңөрдүн ыракаты болгон, силердин жаныңардын кубанычы болгон Өзүмдүн ыйык жайымды маскаралоого берем, силер таштап кеткен уулдарыңар менен кыздарыңар болсо кылычтан өлүшөт»".

22 Ошондо мен кылганды силер да кыласыңар. Сакалыңарды жаппайсыңар, башкалардын колунан нан жебейсиңер.

23 Башыңар таңылуу болот, бутуңарда бут кийимиңер болот. Кайгырбайсыңар, ыйлабайсыңар, бирок күнөөңөрдүн азабынан соолуйсуңар, бири-бириңердин алдыңарда үшкүрөсүңөр».

24 «Ошентип, Жезекиел силерге белги болот: ал кылгандын баарын силер да кыласыңар. Бул жүзөгө ашканда, силер Менин Кудай-Теңир экенимди билесиңер.

25 Сага болсо, адам уулу, Мен алардын даңкынын жасалгасын, көздөрүнүн ыракатын, жандарынын кубанычын, уулдары менен кыздарын тартып алган күнү,

26 ошол күнү качып кутулган бир адам сага кабар бериш үчүн келет.

27 Качып кутулган адам келген күнү сенин оозуң ачылат, сен сүйлөй баштайсың, ошондон кийин унчукпас болбойсуң, алар үчүн жышаан болосуң, ошондо алар Менин Теңир экенимди билишет».

**25-БӨЛҮМ**

**Амон жөнүндө пайгамбарчылык**

1 Анан мага Теңирден сөз болду:

2 «Адам уулу! Өз жүзүңдү Амон уулдарына бур, аларга каршы пайгамбарчылык кыл.

3 Амон уулдарына айт: “Кудай-Теңирдин сөзүн уккула! Кудай-Теңир мындай дейт: «Сен Менин ыйык жайым булганганда, Ысрайыл жери кыйратылганда, Жүйүт туткундалып кеткенде, «И-и! И-и!» дегениң үчүн,

4 мына ошон үчүн Мен сени чыгыш уулдарына мураска берем, алар сенин жериңе өз кошуундарын коюшат, сенин жериңе өз чатырларын тигишет, сенин жемиштериңди жешет, сенин сүтүңдү ичишет.

5 Мен Рабени төөлөрдүн жайытына айландырам, Амон уулдарынын жерин койлор үчүн жатак жер кылам, ошондо силер Менин Теңир экенимди билесиңер»”».

6 Анткени Кудай-Теңир мындай дейт: «Сен кол чаап, жер тепкилегениң үчүн, Ысрайыл жерин жек көрүп, чын жүрөктөн кубанып турганың үчүн,

7 ошон үчүн Мен Өз колумду сага каршы сунуп, сени элдерге талатып-тонотом, сени элдердин арасынан жок кылам, жер үстүнөн атыңды өчүрөм, сени талкалайм, ошондо сен Менин Теңир экенимди билесиң».

**Маап жөнүндө пайгамбарчылык**

8 Кудай-Теңир мындай дейт: «Маап менен Сеир: “Жүйүт да башка элдердей эле болуп калды!” – дешкени үчүн,

9 ошон үчүн Мен Мааптын капталын анын шаарларынан баштап, жердин асылы болгон анын бардык чек ара шаарларынан: Бейт-Айешимоттон, Баал-Мейондон жана Кирийатайимден баштап ачам.

10 Аны чыгыш уулдары үчүн ачып, элдер арасында мындан ары Амон уулдарынын аты аталбашы үчүн, аны Амон уулдары менен бирге чыгыш уулдарына мураска берем.

11 Ошентип, Маапты жазалайм, ошондо Менин Теңир экенимди билишет».

**Эдом жөнүндө пайгамбарчылык**

12 Кудай-Теңир мындай дейт: «Эдом Жүйүт тукумунан ырайымсыз өч алганы үчүн, андан өч алып оор күнөөгө батканы үчүн,

13 ошон үчүн Кудай-Теңир мындай дейт: Колумду Эдомго каршы сунуп, анын элин да, малын да жок кылам, аны Теймандан тартып Дыданга чейин кыйратам, алардын баары кылычтан өлүшөт.

14 Мен Эдомдон Өзүмдүн Ысрайыл элимдин колу менен өч алам. Алар Эдомдон Менин каарым менен, Менин кыжырым менен өч алышат, ошондо Менин өч алып жатканымды билишет», – дейт Кудай-Теңир.

**Пелиштиликтер жөнүндө пайгамбарчылык**

15 Кудай-Теңир мындай дейт: «Пелиштиликтер өч алганы үчүн, түбөлүк кастык үчүн кырып, жүрөгүндө жек көрүү менен өч алганы үчүн,

16 ошон үчүн Кудай-Теңир мындай дейт: Мен Өз колумду пелиштиликтерге каршы сунам, криттиктерди кырам, алардын деңиз жээгиндеги калдыгын жок кылам.

17 Алардан каардуу жазалар менен катуу өч алам. Мен алардан өч алып жатканда, Менин Теңир экенимди билишет».

**26-БӨЛҮМ**

**Тир жөнүндө пайгамбарчылык**

1 Он биринчи жылдын биринчи айынын биринчи күнү мага Теңирден сөз болду:

2 «Адам уулу! Тир Иерусалим жөнүндө: "И-и! И-и! Элдердин дарбазасы болгон ал талкаланды. Ал мага бурулду, мен толом, анткени ал кыйрады", – деп айтканы үчүн,

3 ошон үчүн Кудай-Теңир мындай дейт: Тир, Мен сага каршымын, деңиз өз толкунун көтөргөндөй, Мен да сага каршы көптөгөн элдерди көтөрөм.

4 Алар Тир дубалдарын талкалашат, анын мунараларын кыйратышат. Анын ичинен топурагын шыпырып салам, аны жылаңач аскага айлантам.

5 Ал деңиздин ортосунда балык кармаган тор жая турган жер болот, анткени муну Мен айттым, – дейт Кудай-Теңир, – аны элдер талап-тоношот.

6 Анын жер үстүндөгү кыздары болсо кылычтан өлүшөт, ошондо Менин Теңир экенимди билишет.

7 Анткени Кудай-Теңир мындай дейт: Мен Тирге каршы түндүктөн падышалардын падышасы болгон Бабыл падышасы Небухаданасарды аттары, майдан арабалары, атчандары, аскерлери, көп сандаган эли менен алып келем.

8 Ал сенин жер үстүндөгү кыздарыңды кылычтап кырат, сага каршы курчоо мунараларын тургузат, сага каршы жал үйөт, сага каршы тосмолорду коёт.

9 Ал сенин дубалдарыңдын жанына дубал бузгучтарды орнотот, мунараларыңды балталары менен кыйратат.

10 Анын аттарынын көптүгүнөн сени чаң каптайт, талкаланган шаарга кирип келишкендей, ал сенин дарбазаңа кирип келгенде, атчандардын, дөңгөлөктөрдүн, майдан арабалардын дүбүртүнөн дубалдарың титирейт.

11 Ал сенин бардык көчөлөрүңдү аттарынын туягы менен тебелеп таштайт, элиңди кылычтап кырат, сенин кудуреттүүлүгүңдүн эстеликтерин жерге кулатат.

12 Байлыгыңды талап-тоноп кетишет, мал-мүлктөрүңдү уурдап кетишет, дубалдарыңды кыйратышат, кооз үйлөрүңдү талкалашат, таштарыңды, дарактарыңды жана топурагыңды сууга ыргытышат.

13 Сенин ырларыңды токтотом, арфаңдын үнү мындан ары угулбайт.

14 Ошентип, сени жылаңач аскага айлантам, сен балык кармаган тор жая турган жер болосуң. Кайра курулбайсың, анткени муну Мен, Теңир, айттым», – дейт Кудай-Теңир.

15 Кудай-Теңир Тирге мындай дейт: «Сенин ичиңде болуп жаткан катуу кыргында жарадар болгондордун онтоосунан, сен кулаганда чыккан дабыштан аралдар титиребес бекен?

16 Ошондо деңиз боюндагы төрөлөрдүн бардыгы өз тактыларынан түшүп, падыша кийимдерин чечип ыргытып, саймалуу кийимдерин чечип, коркунучка батып, жерге отурушат, көз ирмем сайын титиреп, сага таң калышат.

17 Анан сен үчүн ыйлап, сага: “Деңизде жүрүүчүлөр жашаган, деңиз үстүндө күч-кубаттуу болгон атактуу шаар, сен кандай жок болдуң! Сен жана сенин бүт тургундарың деңиздин айланасындагы элдерге коркунуч туудурчу элеңер!” – дешет».

18 Азыр, сен кулаган күнү аралдар титиреди. Деңиздеги аралдар сенин кыйраганыңды көрүп дүрбөлөңгө түштү.

19 Анткени Кудай-Теңир мындай дейт: «Мен сени эл жашабаган шаарлардай кылып, ээн калган шаарга айлантканда, үстүңө суу иримин көтөргөндө, сени чоң суулар каптаганда,

20 Мен сени көргө түшүүчүлөр менен бирге небак жок болгон элдин жанына түшүрөм, сенде эч ким жашабашы үчүн, Мен сени көргө түшүүчүлөр менен бирге небак талкаланган жерлерге отурукташтырам. Тирүүлөрдүн жеринде Мен даңкты көрсөтөм.

21 Сени көргөндөрдүн үрөйү учат, сен жок болосуң, сени издешет, бирок сени мындан ары, түбөлүккө таба алышпайт», – дейт Кудай-Теңир.

**27-БӨЛҮМ**

**Тирди жоктоп ыйлоо**

1 Анан мага Теңирден сөз болду:

2 «Сен да, адам уулу, Тир үчүн ыйла.

3 Деңиз булуңдарыңда жайланышкан, көп аралдардагы элдер менен соода жүргүзгөн Тирге айт: Кудай-Теңир мындай дейт: “Тир! Сен: «Мен сулуулуктун жеткен чегимин!» – дейсиң.

4 Сенин чек араларың деңиздердин жүрөгүндө. Куруучуларың сенин сулуулугуңду жеткилеңдикке жеткиришкен:

5 Сенин бүт такталарыңды Сенирдин кипарис жыгачынан жасашкан. Сага мамыларды жасаш үчүн, Лебанондон кедр алышкан.

6 Калактарыңды Башандын эмен жыгачынан жасашкан. Отургучтарыңды бук жыгачынан жасашкан, алардын алкактарын Китим аралдарынан алынып келинген пил сөөгүнөн жасашкан.

7 Парустарың Мисирдин гүлдүү зыгыр кездемесинен жасалды, алар сага желек катары болду, жабууларың Элиша аралдарынын көк жана кочкул кызыл түстөгү кездемелеринен болду.

8 Сидон менен Арбат тургундары калакчыларың болду. Тир, сенде акылман адамдар бар эле. Алар сенин кеме башкаруучуларың болду.

9 Гебалдын аксакалдары менен акылмандары сенин кемелериңдин тешиктерин бүтөөчүлөр эле. Деңиздеги бардык кемелер жана кеме айдоочулар аркылуу сенин соодаң жүрүп турган.

10 Сенин аскерлериңдин арасында персиялыктар, луттуктар, путтуктар бар эле, алар сенин жоокерлериң эле. Алар сага калкан жана туулга илишчү, сага алар көрк берип турчу.

11 Арбат уулдары менен сенин аскерлериң дубалдарыңдын үстүнө тегерете турушчу, гамдыктар сенин мунараңдын үстүндө турушчу. Алар сенин дубалдарыңды айланта өз саадактарын илишчү, алар сенин сулуулугуңду чегине жеткиришти.

12 Ар кандай байлыктын молдугунан Таршыш сени менен соода жүргүзчү. Сенин товарларыңа күмүш, темир, калай, коргошун беришчү.

13 Жабан, Тубал жана Мешех сени менен соода жүргүзүп, сенин товарларыңа адамдар менен жез идиштерди алмашышчу.

14 Тогарма үйүнөн сенин товарларыңдын ордуна жылкыларды, минги аттарды, качырларды беришчү.

15 Сени менен Дыдан уулдары соода жүргүзчү. Көп аралдар сени менен товар алмашып турчу. Пил сөөгүн жана кара жыгачты сага төлөм кылып жиберип турушчу.

16 Сен көп нерселерди өндүрүп чыгаргандыктан, сени менен арамейликтер соода жүргүзчү. Алар сенин товарларыңдын ордуна зымырыт, кочкул кызыл кездеме, саймалуу кездеме, зыгыр кездеме, маржан, лаал беришчү.

17 Сени менен Ысрайыл жери жана Жүйүт аймагы соода-сатык жүргүзчү. Сенин товарларыңдын ордуна Минит буудайын, бал, таттуу нерселерди, жыгач майын, бальзам беришчү.

18 Сен көп нерселерди өндүрүп чыгаргандыктан, ар кандай байлыгың мол болгондуктан, Дамаск сени менен соода жүргүзүп, сенин товарларыңдын ордуна Хелбон шарабын жана ак жүн берчү.

19 Бедан менен Жабан сенин товарларыңдын ордуна жип беришчү; сенин товарларыңа иштетилген темир, корица жана жыпар жыттуу камыш алмашып турушчу.

20 Дыдан сени менен ат үстүнө жабылуучу кымбат баалуу ат жабуулары менен соода кылчу.

21 Аравия жана Кейдардын бардык төрөлөрү сени менен товар алмашып турушчу: сенин товарларыңа козуларды, койлорду жана эчки-текелерди алмашышчу.

22 Шеба менен Раманын көпөстөрү сенин товарларыңа ар кандай жыпар жыттуу заттарды, ар кыл асыл таштарды жана алтын беришчү.

23 Сени менен Харан, Каней, Эден жана Шеба көпөстөрү, Ашур жана Килмат соода жүргүзүп турчу.

24 Алар сени менен кымбат баалуу кийимдер менен, жибек жана саймалуу кездемелер менен соода кылып турушчу. Аларды сенин базарларыңа кедр жыгачынан жасалган сандыктарга салып, жакшылап таңып алып келишчү.

25 Таршыш кемелери сенин соодаң үчүн сага кербен болуп турушкан. Ошентип, сен деңиз ортосунда бай жана атактуу болуп калдың.

26 Калакчыларың сени чоң сууларга алып кириште, бирок чыгыш шамалы сени деңиздердин ортосунда талкалады.

27 Сенин байлыгың да, товарларың да, сактоочу кампаларың да, кеме айдоочуларың да, кеме башкаруучуларың да, кеме тешиктерин бүтөөчүлөрүң да, соодаңды башкаруучуларың да, жоокерлериң да, көп сандаган элиң да сен кулаган күнү сени менен кошо деңиз түбүнө түшөт.

28 Сенин кеме башкаруучуларыңдын өкүрүгүнөн тегеректегилер солкулдайт.

29 Калакчылар, кеме айдоочулар, кеме башкаруучулар өз кемелеринен түшүп, жерде турушат.

30 Сени жоктоп катуу кыйкырышат, баштарына күл чачып, топуракка оонап, катуу онтошот.

31 Сени жоктоп, чачтарын такырайта кырдырышат, белдерине зумбал курчанышат, сени жоктоп, жандары кейип, өксүп ыйлашат.

32 Сени жоктоп кайгырып, минтип кошок кошуп ыйлашат: «Деңиздин ортосунда Тирге окшоп кыйраган шаар барбы?!»

33 Деңиздерден товарларың келип турганда, сен көп элдерди тойгузчу элең. Мол байлыгың менен, соодаң менен жердеги падышаларды байытып турчу элең.

34 Эми сени деңиздер талкалады, товарларың жана ичиңдеги көп сандаган элиң айлампага чөктү.

35 Сен жөнүндө укканда, аралдарда жашагандардын баарынын үрөйү учту, алардын падышалары титиреп, өңдөрү бузулду.

36 Башка элдердин соодагерлери сен жөнүндө ышкырышты. Сен коркунучка айландың, эми сен түбөлүккө жок болосуң”».

**28-БӨЛҮМ**

**Тир падышасы жөнүндө пайгамбарчылык**

1 Анан мага Теңирден сөз болду:

2 «Адам уулу! Тирдин башкаруучусуна айт: Кудай-Теңир мындай дейт: Жүрөгүң көтөрүлүп: “Мен кудаймын, деңиздердин ортосунда, кудайдын тагында отурам”, – дедиң. Кудай эмес, адам болуп туруп, өз акылыңды Кудайдын акылына теңедиң.

3 Сен Даниелден да акылдуусуң, эч бир сыр сенден жашыруун эмес.

4 Сен өзүңдүн даанышмандыгың менен, өзүңдүн акылың менен байлыкка ээ болдуң, өзүңдүн казынаңа алтын-күмүш жыйып алдың.

5 Соода ишиңдеги улуу акылмандыгың менен байлыгыңды көбөйттүң, байлыгың менен жүрөгүң текеберденди.

6 Ошон үчүн Кудай-Теңир мындай дейт: Сен өз акылыңды Кудайдын акылына теңегендигиң үчүн,

7 мына, Мен сага каршы бүт элдердин ичинен эң катаал болгон чет жерликтерди алып келем. Алар сенин керемет акылмандыгыңа каршы кылычтарын кынынан суурушат, сенин сулуулугуңду булгашат.

8 Сени көргө киргизишет, сен деңиздердин жүрөгүндө өлтүрүлгөндөрдүн өлүмү менен өлөсүң.

9 Ошондо өзүңдүн өлтүрүүчүңдүн алдында: «Мен кудаймын», – демек белең? Сен жарадар кылуучунун колунда кудай эмессиң, адамсың.

10 Сен чет жерликтердин колунан сүннөткө отургузулбагандардын өлүмү менен өлөсүң, анткени муну Мен айттым”», – дейт Кудай-Теңир.

11 Анан мага Теңирден сөз болду:

12 «Адам уулу! Тир падышасы үчүн ыйла, ага айт: Кудай-Теңир мындай дейт: “Сен жеткилеңдиктин мөөрүсүң, акылмандыктын толуктугусуң, сулуулуктун таажысысың.

13 Сен Эйденде, Кудайдын багында, болчусуң. Сенин кийимдериң ар кандай асыл таштар менен: лаал, топаз, алмаз, хризолит, агат, яшма, сапфир, кызыл жакут, зымырыт менен жана алтын менен жасалгаланган эле. Дап менен чоорду мыкты ойногондор сенде болчу, алар сен жаралган күнү даярдалган эле.

14 Сен калкалоо үчүн майланган керуп элең, Мен сени ошон үчүн койгом. Сен Кудайдын ыйык тоосунда болчусуң, оттуу таштардын арасында басып жүрчүсүң.

15 Сенден мыйзамсыздык табылганга чейин, сен жаралган күнүңдөн бери өз жолуңда жеткилең элең.

16 Сенин соодаң кеңири жайылгандыктан, ичиң жалгандыкка толду, сен күнөөгө баттың. Мен сени таза эмес катары Кудайдын тоосунан кулаттым, калкалап турган керуп, сени оттуу таштардын арасынан кууп жибердим.

17 Сулуулугуңдан жүрөгүң текеберденди. Менменсингендигиң акылмандыгыңдан ажыратты. Мен сени жерге кулаттым, падышалардын алдында маскара болууга бердим.

18 Сен өзүңдүн көп сандаган мыйзамсыз иштериң менен, жалган жол менен жүргүзгөн соодаң менен өзүңдүн ыйык жайларыңды булгадың. Мен сенин өз чөйрөңдөн от чыгардым, ал сени жалмады. Сени көрүп тургандардын көз алдында Мен сени жер үстүндө күлгө айланттым.

19 Элдер арасындагы сени билгендердин баары сага таң калышты. Сени көргөндөрдүн үрөйү учту. Сен түбөлүккө жок болосуң”».

**Сидон жөнүндө пайгамбарчылык**

20 Анан мага Теңирден сөз болду:

21 «Адам уулу! Жүзүңдү Сидонго буруп, ага каршы пайгамбарчылык кыл.

22 Мындай деп айт: “Сидон, Мен сага каршымын, Мен сенин ичиңде даңкталам. Мен аны жазалаганда, Менин Теңир экенимди билишет, анын ичинде ыйык болом.

23 Анын ичине жугуштуу ооруну жиберем, көчөлөрүнө кан төгүү жиберем, ар тараптан келген кылычтан өлгөндөр анын ичинде кулашат, ошондо Менин Теңир экенимди билишет.

**Ысрайылдын келечеги жөнүндө**

24 Ошондон кийин Ысрайыл үчүн анын тегерегиндегилердин, аны жек көргөндөрдүн арасында тикенектүү жыгач жана ооруткан чөңөр болбойт. Ошондо Менин Кудай-Теңир экенимди билишет”.

25 Кудай-Теңир мындай дейт: “Мен элдердин арасына чачылган Ысрайылды жыйнагандан кийин, башка уруулардын көз алдында, алардын ичинде Өз ыйыктыгымды көрсөтөм, ошондо алар Мен Өз кулум Жакыпка берген өздөрүнүн жеринде жашашат.

26 Алар ошол жерде коопсуз жашашат, үй курушат, жүзүмдүк отургузушат, Мен алардын тегерегиндегилердин ичинен аларды жек көргөндөрдүн баарын жазалагандан кийин, алар коопсуз жашашат. Ошондо Мен алардын Кудай-Теңири экенимди билишет”».

**29-БӨЛҮМ**

**Мисир жөнүндө пайгамбарчылык**

1 Онунчу жылдын онунчу айынын он экинчи күнү мага Теңирден сөз болду:

2 «Адам уулу! Мисир падышасы фараонго жүзүңдү бур, ага жана бүт Мисирге каршы пайгамбарчылык кыл.

3 Мындай деп айт: Кудай-Теңир мындай дейт: "Мисир падышасы фараон, өзүнүн дарыяларынын ортосунда жатып алып, «Бул менин дарыям, мен аны өзүм үчүн жараттым» деген чоң жаныбар, Мен сага каршымын.

4 Бирок Мен сенин оозуңа илмек салып, дарыяларыңдагы балыктарды кабырчыгыңа жабыштырам, дарыяларыңдагы кабырчыгыңа жабышкан бардык балыктарың менен кошо сени дарыядан чыгарам.

5 Сени дарыяларыңдагы бүт балыктарың менен кошо чөлгө ыргытам, сен ачык талаага түшөсүң, сени жыйнашпайт да чогултушпайт, сени талаа жырткычтарына жана асман канаттууларына жем кылам.

6 Ошондо Мисир тургундарынын баары Менин Теңир экенимди билишет, анткени алар Ысрайыл үйүнө камыш тирөөч болушкан.

7 Алар сени колу менен кармашканда, сен сынып, алардын бүт далысын жараладың. Алар сага таянганда, сен сынып, алардын белин кокустаттың".

8 Ошондуктан Кудай-Теңир мындай дейт: "Мен сага кылыч жиберип, адамдарыңды да, малыңды да кырам.

9 Ошентип, Мисир жери чөлгө жана урандыга айланат. Ошондо Менин Теңир экенимди билишет. Анткени ал: «Дарыя меники, аны мен жараттым», – деди.

10 Мына ошондуктан Мен сага каршымын, сенин дарыяларыңа каршымын, Мигдолдон тартып Себейнейге чейин жана Эфиопиянын чек арасына чейин жаткан Мисир жерин чөлдүн чөлүнө айлантам.

11 Ал жерден адам буту баспайт, ал жерден мал туягы өтпөйт, ал жерде кырк жыл эч ким жашабайт.

12 Урандыга айланган жерлердин арасында Мисир жерин да урандыга айлантам. Кыйраган шаарлардын арасында анын шаарлары да кырк жыл ээн калат. Мисирликтерди элдердин арасына чачам, аларды жер-жерлерге сапырам".

13 Анткени Кудай-Теңир мындай дейт: "Кырк жыл өткөндөн кийин, Мен элдердин арасына чачылган мисирликтерди чогултам.

14 Мисирдин туткундалып кеткен элин кайра алып келем, аларды өздөрүнүн туулган жери – Патрос жерине алып келем. Алар ошол жерде күчсүз падышачылык болушат.

15 Ал падышачылык башка падышачылыктардан күчсүз болот. Ошондон кийин ал элдердин үстүнөн көтөрүлбөйт. Алар элдердин үстүнөн үстөмдүк кылбаш үчүн, Мен аларды азайтам.

16 Ошондон кийин алар Мисирге кайрылып мыйзамсыздык кылган Ысрайыл үчүн анын мыйзамсыздыгын эске салуучу жөлөк болушпайт. Ошондо Менин Кудай-Теңир экенимди билишет"».

17 Жыйырма жетинчи жылдын биринчи айынын биринчи күнү мага Теңирден сөз болду:

18 «Адам уулу! Бабыл падышасы Небухаданасар өз аскерин Тирге каршы чоң иштерди кылдырып кыйнады. Баарынын чачтары түштү, баарынын ийиндери тытылды, бирок Тирге каршы иштерди кылгандыгы үчүн Тирден ага да, анын аскерине да сыйлык болгон жок».

19 Ошондуктан Кудай-Теңир мындай дейт: «Мен Бабыл падышасы Небухаданасарга Мисир жерин берем, ал анын байлыгын алып кетет, олжосун тартып алат, анын талап-тоноп алган мүлкүн талап-тоноп алат, бул анын аскерине сыйлык болот.

20 Мен ага Тирде жүргүзгөн иштери үчүн Мисир жерин сыйлык кылып берем, анткени алар муну Мен үчүн кылышты, – дейт Кудай-Теңир.

21 Ошол күнү Ысрайыл үчүн мүйүз өстүрүп чыгарам, алардын арасында сенин оозуңду ачам, ошондо Менин Теңир экенимди билишет».

**30-БӨЛҮМ**

**Мисир жазалана турган күн**

1 Анан мага Теңирден сөз болду:

2 «Адам уулу! Пайгамбарчылык кылып айт: Кудай-Теңир мындай дейт: "Ыйлагыла! Кайгылуу күн келе жатат!

3 Анткени ал күн жакындап калды! Теңирдин күнү – кайгылуу күн жакын калды. Элдерди жазалоо күнү келе жатат.

4 Мисирге кылыч келе жатат, Мисирде өлтүрүлгөндөр кулаганда, анын байлыктары алынып кеткенде, анын негиздери кыйраганда, Эфиопияны коркунуч каптайт.

5 Алар менен кошо Эфиопия да, Пут да, Лут да, ар кошкон элдер да, Хуп да, алар менен келишим түзгөн өлкөлөрдүн уулдары да кылычтан өлүшөт".

6 Теңир мындай дейт: "Мисирдин тирөөчтөрү кулайт, анын күч-кубатынын сыймыгы төмөн түшөт. Мигдолдон тартып Себейнейге чейин жашагандар кылычтан өлүшөт, – дейт Кудай-Теңир.

7 Ал кыйраган жерлердин арасында ээн калат, анын шаарлары кыйраган шаарлардын арасында калат.

8 Мисирге от жибергенде, анын бардык тирөөчтөрү кыйратылганда, Менин Теңир экенимди билишет.

9 Бейкапар жаткан эфиопиялыктарды коркутуу үчүн, ошол күнү Менден кемелер менен кабарчылар барышат, аларды, Мисирге алаамат түшкөн күндөгүдөй, коркунуч каптайт, анткени мына, ал күн келе жатат".

10 Кудай-Теңир мындай дейт: "Бабыл падышасы Небухаданасардын колу менен көп элдүү Мисирдин акырына чыгам.

11 Аны элдердин арасында эң катаал болгон эли менен ушул жерди кыйратыш үчүн алып келем. Алар Мисирге каршы кылычтарын кындарынан сууруп, жерди өлүккө толтурушат.

12 Дарыяларды кургактыкка айландырып, жерди катаал адамдардын колуна берем, жерди жана анда болгондун бардыгын чет жерликтердин колу менен кыйратам. Муну Мен, Теңир, айттым".

13 Кудай-Теңир мындай дейт: "Буркандарды жок кылам, Ноптогу жалган кудайларды талкалайм, мындан ары Мисир жеринен башчы чыкпайт, Мисир жерине коркунуч каптатам.

14 Патросту урандыга айлантам, Соанга от жиберем, Нону жазалайм.

15 Мисирдин сепили болгон Синге Өзүмдүн каарымды төгөм, Нонун көп сандаган элин жок кылам.

16 Мисирге от жиберем. Син титирейт, Но урайт, душмандар Нопко чак түштө кол салышат.

17 Абен менен Пи-Бесеттин жаш уландары кылычтан өлүшөт, калгандары туткундалып кетет.

18 Мен Такпанкесте Мисирдин моюнтуругун кыйраткандан кийин, ал жерде күн караңгылайт, ал жерде анын күч-кубатынын сыймыгы талкаланат. Аны булут жабат, анын кыздары туткундалып кетет.

19 Мен Мисирди ушинтип жазалайм, ошондо Менин Теңир экенимди билишет"».

**Мисир падышасынын күчүнүн талкаланышы**

20 Он биринчи жылдын биринчи айынын жетинчи күнү мага Теңирден сөз болду:

21 «Адам уулу! Мен Мисир падышасы фараондун каруу-булчуңун талкаладым. Ал айыгышы үчүн дагы эле таңыла элек, кылыч кармаганга күч алышы үчүн, таңгычтар менен таңыла элек».

22 Ошондуктан Кудай-Теңир мындай дейт: «Мен Мисир падышасы фараонго каршымын, анын соо каруу-булчуңун да, сынган каруу-булчуңун да талкалайм, ошондо анын колунан кылычы түшүп калат.

23 Мисирликтерди элдердин арасына чачам, жер-жерлерге сапырам.

24 Ал эми Бабыл падышасынын каруу-булчуңдарын күчтүү кылам, анын колуна Өзүмдүн кылычымды берем, фараондун каруу-булчуңдарын болсо кыйратам, оор жарадар болгон адам кандай онтосо, ал анын алдында ошондой онтойт.

25 Бабыл падышасынын каруу-булчуңдарын чыңдайм, ал эми фараондун каруу-булчуңдары шалдаят. Мен Өзүмдүн кылычымды Бабыл падышасынын колуна бергенде, ал аны Мисир жерине сунганда, Менин Теңир экенимди билишет.

26 Мисирликтерди элдердин арасына таратам, жер-жерлерге сапырам, ошондо Менин Теңир экенимди билишет».

**31-БӨЛҮМ**

**Фараон жөнүндө пайгамбарчылык**

1 Он биринчи жылдын үчүнчү айынын биринчи күнү мага Теңирден сөз болду:

2 «Адам уулу! Мисир падышасы фараонго жана анын элине айт: "Улуулугуң менен сен өзүңдү кимге теңейсиң?

3 Ашур Лебанондо бутактары кооз, жалбырактары көлөкөлүү, бийик кедр болчу. Анын чокусу булуттар арасында эле.

4 Аны суулар өстүрдү, туңгуюк жогору көтөрдү; анын дарыялары көчөттөрүнүн айланасында акчу, ал өзүнүн агымдарын бүт талаа дарактарына жиберип турчу.

5 Ал өскөндө, бийиктиги бүт талаа дарактарынан бийик болду, суу көп болгондуктан, бутактары жыш болду, шактары калың болду, бутактары узарды.

6 Анын бутактарына ар кандай асман канаттуулары уя салышты, анын бутактарынын астында талаа жырткычтары төлдөштү, анын көлөкөсүнүн астында ар кандай көп сандаган элдер жашашты.

7 Ал өзүнүн бийиктиги, бутактарынын узундугу менен көрктүү болду, анткени анын тамыры чоң суулардын жанында эле.

8 Кудайдын багындагы кедрлер ага көлөкө түшүргөн жок. Кызыл карагайлар анын бутактарына да тең келе албады, чынарлар анын шактарына да тең келе албады, өзүнүн кооздугу менен Кудайдын багындагы бир да дарак ага тең келе албады.

9 Мен аны бутактарынын көптүгү менен кооз кылдым, Кудайдын багындагы бардык Эйден дарактары ага көз артышчу".

10 Ошондуктан Кудай-Теңир мындай дейт: "Ал бийик болуп өстү, чокусу булуттар арасына жетти, өзүнүн бийиктиги менен жүрөгү да көтөрүлдү.

11 Ошон үчүн Мен аны элдердин эң күчтүүсүнүн колуна бердим. Ал ага анын иштерине жараша мамиле кылды. Мен аны мыйзамсыздыгы үчүн кууп чыктым.

12 Элдердин ичинен эң каардуу болгон чет жерликтер аны кыйып, таштап салышты. Анын шактары тоолорго жана бүт өрөөндөргө түштү. Бутактары жердин бардык кокту-колотторунда талкаланып калды, анын көлөкөсүнүн астында жашаган элдердин баары аны таштап кетип калышты.

13 Анын сынган бутактарынын арасына ар түркүн асман канаттуулары уя салышты, анын шактарына ар кандай талаа жырткычтары жайгашты.

14 Суу жээгиндеги бир да дарак өзүнүн бийиктиги менен менменсинбеши үчүн, чокуларын булуттар арасына жеткирбеши үчүн, суу ичкендердин баары анын бийиктигин көрүп, анын артынан көтөрүлбөшү үчүн ушундай болду. Анткени булардын баары өлүм жазасына тартылып, көргө кирген адамдар менен бирге өлгөндөр жаткан жайга кетишет".

15 Кудай-Теңир мындай дейт: "Ал өлгөндөр жаткан жайга кирген күнү Мен ал үчүн аза күттүм, ал үчүн туңгуюкту жаптым, анын дарыяларын токтоттум, чоң сууларды тостум, ал үчүн Мен Лебанонду кайгыга салдым, ал үчүн бүт талаа дарактары кайгыга батты.

16 Ал кулаганда чыккан дабыш менен Мен элдерди титиреттим, аны көрдөгүлөргө коштум, өлгөндөр жаткан жайга түшүрдүм. Ошондо өлгөндөр жаткан жайдагы Эйден дарактарынын баары, Лебанондун тандамал, эң кооз дарактарынын баары, суу ичкендердин баары сооронушту.

17 Анткени булар да, элдердин ичинен анын көлөкөсүнүн астында жашаган шериктештери да аны менен кошо өлгөндөр жаткан жайга, кылычтан өлгөндөрдүн жанына түшүштү.

18 Ошентип, сен өзүңдүн даңкың жана бийиктигиң менен Эйден дарактарынын кайсынысына тең келе алдың? Бирок эми сен Эйден дарактары менен кошо өлгөндөр жаткан жайга түшүрүлөсүң, кылычтан өлгөндөр менен кошо сүннөткө отургузулбагандардын арасына жатасың. Булар – фараон жана анын көптөгөн эли"», – дейт Кудай-Теңир.

**32-БӨЛҮМ**

**Мисирдин кыйрары жөнүндө**

1 Он экинчи жылдын он экинчи айынын биринчи күнү мага Теңирден сөз болду:

2 «Адам уулу! Мисир падышасы фараон үчүн ыйла, ага айт: “Сен элдердин арасында жаш арстандайсың, сен деңизде жашаган коркунучтуу жаныбарга окшоп, өзүңдүн дарыяларыңдын ичинде атырыласың, сууларды буттарың менен козгойсуң, анын агын сууларын ылайлатасың”.

3 Кудай-Теңир мындай дейт: “Мен сага көп элдердин жыйыны менен Өз торумду салам, алар сени Менин торум менен алып чыгышат.

4 Анан сени жерге ыргытам, сени ачык талаага таштайм, ошондо сага ар кыл асман канаттуулары конот, жердин бүт жырткычтары сени жеп тоюшат.

5 Сенин этиңди тоолорго чачам, өрөөндөрдү сенин өлүктөрүңө толтурам.

6 Өзүң ичинде сүзүп жүргөн жерди тоолорго чейин сенин каның менен сугарам. Чуңкурлар да сени менен толот.

7 Сен өчкөндөн кийин, асманды жабам, анын жылдыздарын түнөртөм, күндү булут менен жабам, ай да өзүнүн жарыгын бербей калат.

8 Асманда жарык берип турган бардык чырактарды сенин үстүңө түнөртөм, сенин жериңе караңгылык каптатам, – дейт Кудай-Теңир.

9 Сен билбеген жерлерге, элдердин арасына сенин кулашың жөнүндө сөз таратып, көп элдердин жүрөгүн кайгыга батырам.

10 Сен аркылуу көптөгөн элдерди коркутам, Мен алардын алдында кылычымды шилтегенде, сен жөнүндө угуп, алардын падышаларынын жүрөктөрүн коркунуч басып солк этет, сен кыйраган күнү бардыгы өз жандары үчүн көз ирмем сайын титиреп турат”.

11 Анткени Кудай-Теңир мындай дейт: “Бабыл падышасынын кылычы сага каршы келет.

12 Сенин элиң күчтүүлөрдүн кылычынан өлөт. Алардын бардыгы – элдердин эң катаалы, алар Мисирдин сыймыгын жок кылышат, анын сансыз эли кырылат.

13 Анын чоң суулардын жээгиндеги бүт малын кырам, ошондон кийин аларды адам буту ылайлатпайт, аларды мал туягы да ылайлатпайт.

14 Ошондо алардын сууларына тынчтык берем, алардын дарыяларын май аккандай кылам, – дейт Кудай-Теңир.

15 Мен Мисир жерин чөлгө айландырганда, ал жер өзүн толтуруп тургандын баарынан ажыраганда, ал жерде жашагандардын баарын кырганымда, Менин Теңир экенимди билишет.

16 Бул – ырдала турган кайгылуу ыр. Аны элдердин кыздары ырдашат. Ал ырда Мисир жөнүндө, анын көп сандаган эли жөнүндө ырдашат”», – дейт Кудай-Теңир.

17 Он экинчи жылдын он экинчи айынын он бешинчи күнү мага Теңирден сөз болду:

18 «Адам уулу! Мисир элин жоктоп ыйла, көргө киргендер менен кошо аны жана күчтүү элдердин кыздарын өлгөндөр жаткан жайга түшүр.

19 Сен кимден артыксың? Түш, сүннөткө отургузулбагандар менен жат!

20 Алар кылычтан өлгөндөрдүн арасына кулашат; ал кылычка берилди; аны да, анын көп сандаган элин да тартып кеткиле.

21 Эр жүрөктөрдүн эң күчтүүлөрү өлгөндөр жаткан жайда ал жөнүндө жана анын шериктештери жөнүндө: "Алар төмөн түшүштү, кылычтан өлгөн бул сүннөтсүздөр ошол жерге жатышты", – дешет.

22 Ашур жана анын сансыз аскери ошол жерде, алардын мүрзөлөрү өздөрүнүн тегерегинде; бардыгы өлүшкөн, кылычтан кулашкан.

23 Анын мүрзөлөрү өлгөндөр жаткан жайдын эң түпкүрүнө коюлган, анын аскерлери өздөрүнүн мүрзөлөрүнүн тегерегинде; бардыгы өлүшкөн, кылычтан кулашкан; жер үстүндөгү тирүүлөргө коркунуч каптаткандар – ошолор.

24 Эйлам өзүнүн сансыз аскери менен ошол жерде, өз күмбөзүнүн тегерегинде; алардын бардыгы – өлтүрүлгөндөр, кылычтан кулагандар, сүннөткө отургузулбаган бойдон өлгөндөр жаткан жайга түшкөндөр, тирүүлөр жашаган жерде коркунуч каптатып, өздөрүнүн маскаралыгын көргө киргендер менен кошо ала кеткендер.

25 Өлгөндөрдүн жайынан ага жана анын бүт аскерине жатар жай беришти. Мүрзөлөрү өзүнүн тегерегинде; алардын бардыгы – сүннөткө отургузулбагандар, кылычтан кырылгандар. Анткени алар жер үстүндөгү тирүүлөргө коркунуч каптатышкан, көргө киргендер менен кошо өздөрүнүн маскаралыгын ала кетишкен. Ал өлтүрүлгөндөрдүн арасына коюлган.

26 Мешех менен Тубал өздөрүнүн бүт аскери менен ошол жерде. Алардын мүрзөлөрү өздөрүнүн тегерегинде; алардын бардыгы – сүннөткө отургузулбагандар, кылычтан кырылгандар, анткени алар жер үстүндөгү тирүүлөргө коркунуч каптатышкан.

27 Алар сүннөтсүздөрдүн өлгөн күчтүүлөрү менен бирге жатышпайт. Ал күчтүүлөр өздөрүнүн согуштук курал-жарактары менен өлгөндөр жаткан жайга түшүп, кылычтарын баштарына коюшкан. Алардын мыйзамсыздыгы өздөрүнүн сөөктөрүнүн үстүндө, анткени алар күчтүүлөр катары жер үстүндөгү тирүүлөргө коркунуч каптатышкан.

28 Сен да сүннөткө отургузулбагандардын арасында кыйратыласың, кылычтан кырылгандар менен бирге жатасың.

29 Эдом, анын падышалары жана бүт төрөлөрү ошол жерде, алар күчтүү болушса да, кылычтан кырылгандардын арасына коюлган, алар сүннөткө отургузулбагандар менен, көргө киргендер менен бирге жатышат.

30 Түндүк төрөлөрүнүн баары, бүт сидондуктар ошол жерде. Ал жерге алар өлтүрүлгөндөр менен бирге түшүшкөн, өздөрүнүн күчү менен коркунуч каптатып, маскара болушкан. Алар сүннөткө отургузулбагандар менен, кылычтан өлгөндөр менен бирге жатышат, алар көргө киргендер менен бирге өздөрүнүн маскаралыгын ала кетишкен.

31 Фараон аларды көрүп, өзүнүн сансыз аскери жөнүндө соороност. Кылычтан өлгөн фараон жана анын бүт аскери соороност, – дейт Кудай-Теңир.

32 Анткени Мен тирүүлөр жашаган жерге коркунуч каптатам, фараон жана анын сансыз аскери кылычтан өлгөндөр менен бирге сүннөткө отургузулбагандардын арасына коюлат», – дейт Кудай-Теңир.

**33-БӨЛҮМ**

**Жезекиел – Ысрайылдын сакчысы**

1 Анан мага Теңирден сөз болду:

2 «Адам уулу! Өз элиңдин уулдарына сүйлө, аларга мындай де: "Эгер Мен кайсы бир жерге кылыч каптатсам, ошол жердин эли өзүнүн арасынан бир адамды алып, аны өздөрүнө сакчы кылып койсо,

3 ал адам ошол жерге каршы келе жаткан кылычты көрүп, сурнай тартып, өз элин эскертсе,

4 ким сурнай үнүн угуп, бирок өзүн сактабаса, анда кылыч келип, аны колго түшүрөт, анын каны өз мойнунда болот.

5 Ал сурнай үнүн уккан, бирок өзүн сактаган эмес, анын каны өз мойнунда болот. Өзүн сактаган адам өз өмүрүн сактап калат.

6 Эгерде сакчы кылычтын келе жатканын көрүп сурнай тартпаса, эл эскертилбесе, кылыч келип, алардын бир кишисинин жанын алса, анда анын жаны өз күнөөсү үчүн алынды, бирок анын канынын кунун сакчыга төлөтөм".

7 Сени да, адам уулу, Мен Ысрайылга сакчы койдум, сен Менин оозумдан чыккан сөздү угуп, аларды Менин атымдан эскертесиң.

8 Мен мыйзамсызга: "Мыйзамсыз! Сен өлөсүң", – деп айтканда, сен мыйзамсызды өзүнүн жолунан сакташ үчүн эч нерсе айтпасаң, анда ал мыйзамсыз киши өз күнөөсү үчүн өлөт, бирок анын канын сага төлөтөм.

9 Эгерде сен жолунан бурулуу жөнүндө айтып, мыйзамсызга эскертсең, бирок ал өзүнүн жолунан бурулбаса, анда ал өз күнөөсү үчүн өлөт, сен болсо өз жаныңды сактап калдың.

**Ар бир адамдын өз иштерине жараша соттолору жөнүндө**

10 Сен, адам уулу, Ысрайылга айт: Силер: "Биздин кылмыштарыбыз жана күнөөлөрүбүз өз мойнубузда, биз алардан чирип бара жатабыз: эми биз кантип жашайбыз?" – дейсиңер.

11 Аларга айт: "Мен тирүүмүн, – дейт Кудай-Теңир, – Мен күнөөкөрдүн өлүмүн каалабайм, тескерисинче, Мен күнөөкөрдүн өз жолунан бурулуп, тирүү калышын каалайм. Бурулгула, өзүңөрдүн жаман жолуңардан бурулгула. Ысрайыл эли, силерге өлүмдүн эмне кереги бар?"

12 Сен, адам уулу, өз элиңдин уулдарына айт: "Кылмыш кылган күнү адил адамды өзүнүн адилдиги сактап калбайт, мыйзамсыз адам өз мыйзамсыздыгынан бурулган күнү мыйзамсыздыгы үчүн өлбөйт, ошол сыяктуу эле адил адам да күнөө кылган күнү өзүнүн адилдиги үчүн тирүү калбайт".

13 Мен адил адам жөнүндө: "Ал тирүү болот", – деп айткандан кийин, ал өзүнүн адилдигине ишенип, адилетсиздик кылса, анда анын адилет иштеринин эч бири эске алынбайт, ал өзү кылган адилетсиздиги үчүн өлөт.

14 Ал эми мыйзамсыз адамга: "Сен өлөсүң", – деп айткандан кийин, ал өз күнөөлөрүнөн бурулуп, акыйкаттык жана адилеттик боюнча иш кылса:

15 эгерде бул мыйзамсыз адам күрөөгө алганын кайтарып берсе, уурдаганын төлөп берсе, эч кандай жаман иштерди жасабай, өмүрдүн мыйзамдары менен жүрсө, анда ал өлбөйт, тирүү болот.

16 Анын эч бир күнөөсү эске алынбайт. Ал акыйкаттык жана адилеттик боюнча иш кыла баштады, тирүү болот.

17 Сенин элиңдин уулдары: “Теңирдин жолу туура эмес”, – деп жатышат, бирок өздөрүнүн жолу туура эмес.

18 Эгерде адил адам өзүнүн адилдигинен баш тартып, мыйзамсыздык кыла баштаса, ал ошол үчүн өлөт.

19 Эгерде мыйзамсыз адам өзүнүн мыйзамсыздыгынан баш тартып, акыйкаттык жана адилеттик боюнча иш кыла баштаса, ал ошол үчүн тирүү болот.

20 Бирок силер: “Теңирдин жолу туура эмес!” – деп жатасыңар. Ысрайыл эли, Мен силердин ар бириңерди өз жолдоруңарга жараша соттойм».

**Иерусалимдин кулары жөнүндө**

21 Биздин туткундалып кеткенибизге он эки жыл, он ай, беш күн болгондо, Иерусалимден качып кутулган бир адам мага келип: «Шаар кыйратылды!» – деди.

22 Бирок качып кутулган адам келгенге чейин эле, кечинде Теңирдин колу менин үстүмдө болгон, ал адам мага келердин алдында, эртең менен Теңир менин оозумду ачты. Менин оозум ачылып, ошондон кийин кайра сүйлөй баштадым.

**Сөздү угуп, бирок аны аткарбагандар жөнүндө пайгамбарчылык**

23 Анан мага Теңирден сөз болду:

24 «Адам уулу! Ысрайыл жериндеги урандыга айланган жерлерде жашаган адамдар: “Ыбрайым жалгыз болчу, ал ушул жерди ээликке алган. Биз болсо көппүз, ошондуктан бизге ушул жер ээликке берилди”, – деп жатышат.

25 Ошондуктан аларга айт: Кудай-Теңир мындай дейт: “Силер этти каны менен кошо жеп жатасыңар, көзүңөрдү өзүңөрдүн жасалма кудайларыңарга көтөрүп жатасыңар жана кан төгүп жатасыңар, анан жерди ээлегиңер барбы?

26 Силер өзүңөрдүн кылычыңарга таянып жатасыңар, жийиркеничтүү иштерди жасап жатасыңар, бири-бириңердин аялдарыңарды булгап жатасыңар, анан жерди ээлегиңер барбы?”

27 Аларга мындай деп айт: Кудай-Теңир мындай дейт: “Мен тирүүмүн! Урандыга айланган жерлерде жашагандар кылычтан кырылышат. Ачык талаада жашагандарды жырткычтарга жем кылам. Ал эми чептерде жана үңкүрлөрдө жашагандар жугуштуу оорудан өлүшөт”.

28 Жерди урандыга жана чөлгө айлантам, анын күчүнүн текебердиги жок болот, Ысрайыл тоолору ээн калат, ал жерден эч ким өтпөй калат.

29 Алардын бардык жийиркеничтери үчүн жерди урандыга жана чөлгө айландырганымда, Менин Теңир экенимди билишет.

30 Адам уулу, сен жөнүндө өз элиңдин уулдары дубалдардын жанында, эшиктеринин алдында сүйлөшүп жатышат, бири-бирине, ар бири өз бир тууганына: “Жүргүлө, Теңирден кандай сөз чыкканын угалы”, – деп жатышат.

31 Алар сага элдик жыйынга келгенсип келип жатышат; Менин элим сенин бет алдыңда отуруп алып, сенин сөздөрүңдү угуп жатат, бирок аларды аткарбайт, анткени алар ооздору менен жалган убада беришет, жүрөктөрү болсо өздөрүнүн керт башынын кызыкчылыгын ойлойт.

32 Сен алар үчүн үнү мукам күү аспапта жакшы ойногон, сүйүү ырларын ырдаган ырчыдайсың. Алар сенин сөздөрүңдү угуп жатышат, бирок аларды аткарышкан жок.

33 Бирок ал жүзөгө ашканда, мына, ал азыр эле жүзөгө ашып жатат, алар өздөрүнүн арасында пайгамбар болгонун билишет».

## 34-БӨЛҮМ

### Ысрайылдын ишенимсиз кайтаруучулары жөнүндө пайгамбарчылык

1 Анан мага Теңирден сөз болду:

2 «Адам уулу! Ысрайылдын кайтаруучуларына пайгамбарчылык кыл, пайгамбарчылык кылып, аларга, кайтаруучуларга, айт: Кудай-Теңир мындай дейт: "Өздөрүн өздөрү кайтарган Ысрайылдын кайтаруучуларына кайгы! Кайтаруучулар койлорду кайтарышы керек эмеспи?

3 Силер май жейсиңер, жүндөн кийим киесиңер, семиз койлорду соёсуңар, бирок койлорду кайтарбай жатасыңар.

4 Алсыздарга күч берген жоксуңар, оорулууну дарылаган жоксуңар, жаралууну таңган жоксуңар, адашканды кайрып келген жоксуңар, жоголгонду издеген жоксуңар, аларды зордук менен, катаалдык менен башкардыңар.

5 Алар кайтаруучусу жок болгондуктан, туш-тушка чачырап кетишти, бардык талаа жырткычтарына жем болушту.

6 Менин койлорум ар кайсы тоолордо, ар кайсы бийик адырларда адашып жүрөт, Менин койлорум бүт жер жүзүндө жүрөт, аларды сураштырган эч ким жок, аларды издеген эч ким жок.

7 Ошондуктан, кайтаруучулар, Теңирдин сөзүн уккула.

8 Мен тирүүмүн! – дейт Кудай-Теңир. – Кайтаруучусу жок болгондуктан, Менин койлорумду талап-тоноп кетишти, Менин койлорум ар кандай талаа жырткычтарына жем болду. Кайтаруучулар Менин койлорумду издешкен жок, кайтаруучулар өздөрүн өздөрү кайтарышты, ал эми Менин койлорумду кайтарышкан жок.

9 Ошон үчүн, кайтаруучулар, Теңирдин сөзүн уккула".

10 Кудай-Теңир мындай дейт: "Мен кайтаруучуларга каршымын, Өзүмдүн койлорумду алардын колдорунан төлөтүп алам, мындан кийин аларга койлорду кайтартпайм, мындан кийин кайтаруучулар өздөрүн өздөрү кайтарышпайт, Өзүмдүн койлорумду алардын оозунан куткарып алам, ошондон кийин алар кайтаруучуларга жем болушпайт".

### Жакшы Кайтаруучу жөнүндө

11 Анткени Кудай-Теңир мындай дейт: "Мен Өзүмдүн койлорумду Өзүм издеп табам, аларды карап чыгам.

12 Чачырап кеткен койлорунун арасында болгон күнү кайтаруучу койлорун кандай текшерсе, Мен да Өз койлорумду ошондой карап чыгам, булут жана туман каптаган күнү кайсы жерлерге чачылып кетишсе, ошол жерлерден аларды куткарып алам.

13 Аларды элдердин арасынан алып чыгам, аларды ар кайсы өлкөлөрдөн чогултам, аларды өз жерине алып келем, аларды Ысрайыл тоолорунда, агын суулардын жээгинде жана ушул жердин эл жашаган бардык жерлеринде кайтарам.

14 Аларды жакшы жайытка жаям, алардын кашаасы Ысрайылдын бийик тоолорунда болот. Алар ошол жерде, жакшы кашаада эс алышат, Ысрайыл тоолорундагы оттуу жайыттарда оттошот.

15 Өз койлорумду Мен Өзүм кайтарам, аларды Өзүм жуушатам, – дейт Кудай-Теңир.

16 Жоголгонду издеп табам, адашканды кайрып келем, жарадарын таңам, оорулуусуна күч берем, ал эми семирип кеткенин жана баш бербегенин жок кылам, аларды адилеттик менен кайтарам.

17 Кудай-Теңир мындай дейт: Менин койлорум, силерди Мен соттойм. Кой менен койдун ортосунда, кочкор менен текенин ортосунда сот Мен болом.

18 Жакшы жайытта оттоп жүргөнүңөр аздык кылгансып, жайыттардан калганды бутуңар менен тепсейсиңер, тунук суу ичесиңер, калганын бутуңар менен ылайлатасыңар.

19 Менин койлорум болсо силер бутуңар менен тепсеген жерден оттоп, бутуңар менен ылайлаткан суудан ичиши керекпи?”

20 Ошондуктан Кудай-Теңир аларга мындай дейт: “Семиз кой менен арык койдун ортосунда Мен Өзүм сот болом.

21 Силер алсыздардын баарын капталыңар жана ийиниңер менен түртүп жатасыңар, аларды мүйүзүңөр менен сыртка сүрүп чыгарганга чейин сүзгүлөп жатасыңар.

22 Ошондуктан Мен Өз койлорумду куткарам, ошондон кийин аларды талап-тоношпойт, кой менен койдун ортосунда сот жүргүзөм.

23 Алардын үстүнө бир Кайтаруучу коём, аларды кайтарганга Өз кулум Дөөттү коём. Аларды Ошол кайтарат, алардын кайтаруучусу Ошол болот.

24 Мен, Теңир, алардын Кудайы болом, Менин кулум Дөөт алардын арасында төрө болот. Муну Мен, Теңир, айттым.

25 Алар менен тынчтык келишимин түзөм, ал жерден катаал жырткычтарды жок кылам, ошондо Менин койлорум талаада коопсуз жашашат, токойлордо укташат.

26 Мен аларга жана Өзүмдүн адырымдын тегерегиндеги жерлерге батамды берем, жамгырды өз убагында жаадырам, ал батанын жамгыры болот.

27 Талаа дарагы өз мөмөсүн берет, жер өз түшүмүн берет. Алар өз жеринде коопсуз болушат. Мен алардын моюнтуругунун доголорун сындырганда, аларды кулга айландыруучулардын колунан бошоткондо, Менин Теңир экенимди билишет.

28 Ошондон кийин алар башка элдерге олжо болушпайт, аларды талаа жырткычтары жебейт. Алар коопсуздукта жашашат, аларды эч ким коркутпайт.

29 Алардын жеринде сонун бак-дарактарды өстүрөм, ошондон кийин алар жерде ачарчылыктан өлүшпөйт, башка элдерге шылдың болушпайт.

30 Ошондо Мен алардын Кудай-Теңири экенимди, Мен алар менен экенимди, Ысрайыл эли Менин элим экенин билишет, – дейт Кудай-Теңир.

31 Силер Менин койлорумсуңар, Менин жайытымдын койлорусуңар. Силер адамдарсыңар, Мен болсо силердин Кудайыңармын"», – дейт Кудай-Теңир.

**35-БӨЛҮМ**

**Сеир тоосу жөнүндө пайгамбарчылык**

1 Анан мага Теңирден сөз болду:

2 «Адам уулу! Жүзүңдү Сеир тоосуна буруп, ага каршы пайгамбарчылык кыл.

3 Ага айт: Кудай-Теңир мындай дейт: "Мен сага каршымын, Сеир тоосу! Мен Өз колумду сага каршы сунуп, сени эч ким жашабаган ээн жерге айландырам.

4 Шаарларыңды урандыга айландырам, сен өзүң да ээн талаага айланасың, ошондо Менин Теңир экенимди билесиң.

5 Сенде түбөлүк кастык болгондуктан, башына мүшкүл түшкөн убакта, акыркы кыйроо убагында Ысрайыл уулдарын кылычтын колуна берип турдуң.

6 Ошон үчүн, – дейт Кудай-Теңир, – Мен тирүүмүн, сени канга айлантам, кан сенин артыңан түшөт. Сен канды жек көрбөгөнүң үчүн кан сенин артыңан түшөт.

7 Сеир тоосун эл жашабаган ээн жерге айландырам, ал жакка баргандарды жана ал жактан кайткандарды жок кылам.

8 Анын тоолорун өзүнүн өлүктөрүнө толтурам. Сенин адырларыңда, өрөөндөрүңдө жана дарыяларыңдын нуктарында кылычтан өлгөндөр кулашат.

9 Сени түбөлүк чөлгө айлантам, сенин шаарларыңда эч ким жашабайт, ошондо Менин Теңир экенимди билесиңер.

10 Анткени сен Теңир ошол жерде экенине карабастан, «Бул эки эл да, бул эки жер да меники болот, биз аларды ээлеп алабыз», – деп айттың.

11 Ошон үчүн Мен сага аларды жек көргөнүңө жараша, аларды жек көргөндүктөн, аларга көрсөткөн көрө албастыгыңа жараша кылам, сени жазалагандан кийин, аларга Өзүм келем, Мен тирүүмүн! – дейт Кудай-Теңир.

12 Ошондо Менин Теңир экенимди билесиңер, Мен силердин Ысрайыл тоолорун: «Алар кыйратылды! Бизге жегенге берилди!» – деп табалаганыңардын баарын уктум.

13 Силер өзүңөрдү Менин алдымда тилиңер менен жогору көтөрдүңөр, Мага каршы сөзүңөрдү көбөйттүңөр. Муну Мен уктум".

14 Кудай-Теңир мындай дейт: "Бүт жер жүзү кубанып жатканда, Мен сени чөлгө айлантам.

15 Ысрайыл үйүнүн энчиси кыйратылганына кубанганың үчүн, Мен да сага ошондой кылам: Сеир тоосу, кыйратыласың, бүт Эдом жери да кыйратылат, ошондо Менин Теңир экенимди билишет".

**36-БӨЛҮМ**

**Кудайдын Ысрайылга берген батасы**

1 Сен, адам уулу, Ысрайыл тоолоруна пайгамбарчылык кыл: Ысрайыл тоолору! Теңирдин сөзүн уккула.

2 Кудай-Теңир мындай дейт: "Душман силер жөнүндө: «И-и! И-и! Түбөлүк тоолор биздин энчибизге тийди», – деп жатышат".

3 Ошон үчүн пайгамбарчылык кылып айт: Кудай-Теңир мындай дейт: "Силер башка элдердин энчиси болуп калышыңар үчүн, адамдарга жаманатты, ушак болушуңар үчүн, душмандар силерди кыйратып, туш-туштан жеп-жутушту.

4 Мына ошон үчүн, ошон үчүн гана, Ысрайыл тоолору, Кудай-Теңирдин сөзүнө кулак салгыла". Тегерек-четтеги башка элдердин шылдыңына калып, олжосуна айланган тоолорго, адырларга, дарыяларга, өрөөндөргө, кыйратылган, таланып-тонолгон, ээн калган шаарларга Кудай-Теңир мындай дейт:

5 Ошон үчүн Кудай-Теңир мындай дейт: "Менин жеримди өзүнө кубанып энчи кылып алган, аны ичинен жек көрүп, өзүнө олжо кылып алган башка элдерге каршы, бүт Эдомго каршы Мен Өзүмдүн кызганычымдын оту менен сүйлөдүм".

6 Ошондуктан Ысрайыл жери жөнүндө пайгамбарчылык кыл, тоолорго жана адырларга, дарыяларга жана өрөөндөргө мындай де: Кудай-Теңир мындай дейт: "Мен бул сөздү кызганычым менен, Өзүмдүн каарым менен айттым, анткени силер элдердин шылдыңын көтөрүп жатасыңар".

7 Ошондуктан Кудай-Теңир мындай дейт: "Мен Өз колумду көтөрүп, тегерегиңердеги элдердин шылдыңы өздөрүнүн башына келет деп ант бердим.

8 Силер болсо, Ысрайыл тоолору, бутагыңарды жаясыңар, Менин элим Ысрайылга мөмө бересиңер, анткени алар жакында келишет.

9 Анткени мына, Мен силерге кайрылам, силер иштетилесиңер, силерге үрөн себилет.

10 Силердин үстүңөргө көп сандаган элди, бүт Ысрайыл элин, жайгаштырам, шаарларга эл отурукташат, урандылар тургузулат.

11 Силердин үстүңөрдө адамдарды жана малды көбөйтөм, алар тукумдап көбөйүшөт, силерге мурунку убактагыдай жайгаштырам, силерге мурунку убактагыга караганда көбүрөөк ырайым көрсөтөм, ошондо Менин Теңир экенимди билесиңер.

12 Силердин үстүңөргө адамдарды, Өзүмдүн элим Ысрайылды алып келем, алар сени ээлешет! Сен алардын мурасы болосуң, мындан ары аларды балдарынан ажыратпайсың".

13 Кудай-Теңир мындай дейт: "Сага: «Сен адамдарды жеген, өз элиңди баласыз калтырган жерсиң», – деп айтышканы үчүн,

14 сен мындан ары адамдарды жебейсиң, мындан ары өз элиңди балдарынан ажыратпайсың, – дейт Кудай-Теңир.

15 Мындан ары элдерден шылдың укпайсың, мындан ары уруулардан кордук көрбөйсүң, мындан ары өз элиңди мүдүрүлтпөйсүң"», – дейт Кудай-Теңир.

**Ысрайылдын келечектеги тазалануусу жөнүндө**

16 Анан мага Теңирден сөз болду:

17 «Адам уулу! Ысрайыл өз жеринде жашап турганда, ал жерди ал өзүнүн жүрүш-турушу менен, өзүнүн иштери менен булгады. Алардын жолу Менин алдымда аялдын тазаланып жаткан убагындагы таза эместигиндей эле.

18 Мен аларга Өз каарымды төктүм, анткени алар бул жерге кан төгүштү, бул жерди өздөрүнүн жасалма кудайлары менен булгашты.

19 Мен аларды элдердин арасына чачып жибердим, Мен аларды жер-жерлерге сапырдым. Мен аларды өздөрүнүн жолдоруна жана иштерине жараша жазаладым.

20 Алар элдердин арасына барганда, Менин ыйык ысымымды булгашты, анткени алар жөнүндө: "Булар – Теңирдин эли, Анын жеринен чыгышты", – деп айтып жатышат.

21 Ошондо Мен Ысрайыл барган жерлердеги элдердин арасында булганган Өзүмдүн ыйык ысымымды аядым.

22 Ошондуктан Ысрайылга айт: Кудай-Теңир мындай дейт: "Ысрайыл, Мен муну силер үчүн эмес, силер элдердин арасына барганда булгаган Өзүмдүн ыйык ысымым үчүн кылам.

23 Силер элдердин арасында булгаган, элдердин арасында даңктабаган Өзүмдүн улуу ысымымды ыйык кылам, элдердин көз алдында силерге Өзүмдүн ыйыктыгымды көрсөтөм, ошондо алар Менин Теңир экенимди билишет, – дейт Кудай-Теңир.

24 Силерди элдердин арасынан алып чыгам, бардык өлкөлөрдөн жыйнайм, силерди өз жериңерге алып келем.

25 Үстүңөргө таза суу чачам, ошондо силер таза болосуңар, силерди бардык таза эмес нерселериңерден жана бардык жасалма кудайларыңардан тазалайм.

26 Силерге жаңы жүрөк берем, ичиңерге жаңы рух салам. Силердин денеңерден таш жүрөктү алып салып, эт жүрөк берем.

27 Силердин ичиңерге Өз рухумду салам, силерди Менин мыйзамдарым менен жүргүдөй, Менин буйруктарымды сактагыдай жана аткаргыдай кылам.

28 Ошондо Мен силердин ата-бабаларыңарга берген жерде жашайсыңар, Менин элим болосуңар, Мен силердин Кудайыңар болом.

29 Силерди бардык таза эмес нерселериңерден бошотом, дан өсүмдүктөрүн өстүрөм, аларды мол кылам, силерде ачкачылык болбойт.

30 Бак-дарактардын мөмөлөрүн, дан өсүмдүктөрүн мол кылам, мындан ары ачкачылыктын айынан элдерге шылдың болбойсуңар.

31 Ошондо өзүңөрдүн жаман жолдоруңарды, кыянат иштериңерди эсиңерге түшүрөсүңөр, силер өзүңөрдүн мыйзамсыздыгыңар үчүн, ыпылас иштериңер үчүн өзүңөрдөн жийиркенесиңер.

32 Билип койгула, муну Мен силер үчүн жасабайм, – дейт Кудай-Теңир. – Ысрайыл эли, өзүңөрдүн жолдоруңардан уялгыла, кызаргыла”.

33 Кудай-Теңир мындай дейт: “Мен силерди бардык мыйзамсыздыгыңардан тазалаган күнү шаарларыңарга эл отурукташтырам, урандылар кайра тургузулат.

34 Нары-бери өткөн адамдын көзүнө чөл болуп көрүнгөн, ээн калган жерлер иштетилет.

35 Ошондо: «Бул ээн калган жер Эйден багындай болуп калды, бул кыйратылган, ээн калган, таланып-тонолгон шаарлар бекемделди, ага эл отурукташты», – деп айтышат.

36 Ошондо силердин тегерегиңерде калган элдер Менин уратылганды кайра тургузган, ээн калган жерди элдүү кылган Теңир экенимди билишет. Мен Теңирмин, Мен айтканымды кылам”.

37 Кудай-Теңир мындай дейт: “Мен Ысрайылга дагы мындай ырайым кылам: анын адамдарын короо-короо койлордой көп кылам.

38 Майрам убагында Иерусалимде курмандыкка чалынуучу койлор кандай көп болсо, ээн калган шаарларда да эл ошондой көп болот, ошондо Менин Теңир экенимди билишет”».

**37-БӨЛҮМ**

**Кургак сөөктөр чачылган талаа**

1 Теңирдин колу менин үстүмдө эле, Теңир мени руху менен алып чыгып, талаанын ортосуна койду, ал талаа сөөккө толгон эле.

2 Ал мени алардын үстүнөн, алардын жанынан тегерете алып өттү. Талаанын бетинде сөөк өтө көп экен, алар абдан кургак экен.

3 Анан Ал мага: «Адам уулу! Бул сөөктөр тирилеби?» – деди. Мен Ага: «Кудай-Теңир! Аны Сен билесиң», – дедим.

4 Ал мага: «Бул сөөктөргө мындай деп пайгамбарчылык кыл: “Кургак сөөктөр! Теңирдин сөзүн уккула!”

5 Бул сөөктөргө Кудай-Теңир мындай дейт: “Мен силерге рух киргизем, ошондо силер тирилесиңер.

6 Силерге тарамыш берем, силердин үстүңөргө эт өстүрөм, силерди тери менен каптайм, силердин ичиңерге рух киргизем, ошондо тирилесиңер жана Менин Теңир экенимди билесиңер”».

7 Мага кандай буйрулса, мен ошондой пайгамбарчылык кылдым. Мен пайгамбарчылык кылып жатканда, бир дабыш чыкты, сөөктөр кыймылга келип, бири-бирине жакындай баштады, сөөктөр өзүнүн сөөгүнө жакындай баштады.

8 Мен алардын үстүндөгү тарамыштарды көрдүм, аларга эт бүттү, алардын үстүн тери каптады, бирок алардын ичинде рух жок эле.

9 Ошондо Ал мага: «Адам уулу, рухка пайгамбарчылык кыл, ага мындай деп пайгамбарчылык кыл: Кудай-Теңир мындай дейт: “Рух, төрт тараптан кел, өлтүрүлгөн ушул адамдардын үстүнө үйлө, ошондо алар тирилишет”», – деди.

10 Ал мага кандай буйруса, мен ошондой пайгамбарчылык кылдым, ошондо алардын ичине рух кирди, алар тирилип, буттарына турушту, алар өтө чоң, сан жеткис аскерлер эле.

11 Теңир мага мындай деди: «Адам уулу! Бул сөөктөр – бүт Ысрайыл. Алар: "Биздин сөөгүбүз куурап калды, үмүтүбүз жок болду, биз түп-тамырыбыз менен жулундук", – деп жатышат.

12 Ошондуктан пайгамбарчылык кылып, аларга айт: Кудай-Теңир мындай дейт: "Мына, Мен силердин мүрзөлөрүңөрдү ачып, мүрзөлөрүңөрдөн алып чыгам, Менин элим. Анан силерди Ысрайыл жерине алып келем.

13 Мүрзөлөрүңөрдү ачып, силерди мүрзөлөрүңөрдөн алып чыкканда, Менин элим, Менин Теңир экенимди билесиңер.

14 Силердин ичиңерге Өзүмдүн рухумду салам, ошондо силер тирилесиңер, анан силерди өз жериңерге жайгаштырам, ошондо Менин Теңир экенимди билесиңер, айтканымды кылам», – дейт Кудай-Теңир.

**Жүйүт менен Ысрайылдын биригери жөнүндө**

15 Анан мага Теңирден сөз болду:

16 «Адам уулу, сен өзүңө бир таяк алып, ага: "Жүйүт жана ага бириккен Ысрайыл уулдары", – деп жаз. Дагы бир таяк алып, ага: "Жусуп", – деп жаз. Бул – Эпрайымдын жана ага бириккен бүт Ысрайылдын таягы.

17 Анан ал эки таякты бири-бирине бириктир, алар сенин колуңда бир таяк болсун.

18 Элиңдин уулдары сенден: "Колуңдагы эмне экенин бизге түшүндүрүп бересиңби?" – деп сурашса,

19 аларга айт: Кудай-Теңир мындай дейт: "Мен Жусуптун таягын – Эпрайымдын колундагы жана ага кошулган Ысрайыл урууларынын колундагы таякты алып, аны Жүйүттүн таягына кошом, аларды бир таяк кылам, алар Менин колумда бир таяк болот".

20 Сен жазган эки таяк тең алардын көз алдында сенин колуңда болот.

21 Аларга мындай де: Кудай-Теңир мындай дейт: "Мен Ысрайыл уулдарын, алар кайсы элдердин арасында жашап жатышса, ошол элдердин арасынан алып чыгам, аларды ар тараптан жыйнап, өз жерине алып келем.

22 Ушул жерде, Ысрайыл тоолорунун үстүндө Мен аларды бир эл кылам, алардын баарынын үстүнөн бир Падыша падышачылык кылат, алар мындан ары эки эл болбойт, мындан ары эки падышачылыкка бөлүнбөйт.

23 Мындан ары алар өздөрүн жасалма кудайлары менен, жийиркеничтери менен, кылмыштары менен булгашпайт, аларды кайсы жерлерде күнөө кылып жашашса, ошол жерлерден алып чыгам. Аларды тазалайм, ошондо алар Менин элим болушат, Мен алардын Кудайы болом.

24 Менин кулум Дөөт болсо алардын үстүнөн Падыша болот, алардын баарына кайтаруучу болот, ошондо алар Менин мыйзамдарым менен жүрүшөт, Менин буйруктарымды сакташат жана аткарышат.

25 Алар Өз кулум Жакыпка берген жерде, өздөрүнүн ата-бабалары жашаган жерде жашашат. Алар өздөрү, алардын балдары жана алардын балдарынын балдары ошол жерде түбөлүккө жашашат. Менин кулум Дөөт түбөлүккө алардын төрөсү болот.

26 Мен алар менен тынчтык келишимин түзөм, ал түбөлүк келишим болот. Аларды жайгаштырам, аларды көбөйтөм, Өзүмдүн түбөлүк ыйык жайымды алардын ортосуна тургузам.

27 Менин турак жайым алардын үстүндө болот, Мен алардын Кудайы болом, алар болсо Менин элим болушат.

28 Менин ыйык жайым түбөлүккө алардын ортосунда турганда, элдер Ысрайылды ыйык кылган Теңир Мен экенимди билишет"».

**38-БӨЛҮМ**

**Гок жөнүндө пайгамбарчылык**

1 Анан мага Теңирден сөз болду:

2 «Адам уулу! Магок жериндеги Тубал менен Мешехтин башкы төрөсү болгон Гокко жүзүңдү буруп, ага каршы пайгамбарчылык кыл.

3 Ага айт: Кудай-Теңир мындай дейт: "Мешех менен Тубалдын башкы төрөсү Гок, Мен сага каршымын.

4 Сени артка бурам, оозуңа ооздук салып, сени жана бүт аскериңди, аттарыңды жана атчандарыңды, башынан аягына чейин куралданган, соот кийген, калкан кармаган, кылыч менен куралданган чоң, сан жеткис аскериңди,

5 алар менен кошо калкан кармаган, туулга кийген персиялыктарды, эфиопиялыктарды, путтуктарды,

6 Гомерди жана анын бүт аскерин, түндүк жеринен Тогарманы жана анын бүт аскерин, көптөгөн элдерди сени менен кошо алып чыгам.

7 Сен өзүңдүн жаныңа чогулган бүт аскериң менен даяр бол, согушка даярдан, сен аларга жол башчы болосуң.

8 Көп күндөрдөн кийин сен чакырыласың. Акыркы жылдары сен кылычтан кутулган жерге, көп элдердин арасынан жыйналган ал жердин тургундарына, дайыма ээн турган Ысрайыл тоолоруна келесиң, бирок эми ал жердин тургундары элдердин арасынан кайрылып келип, коопсуздукта жашашат.

9 Сен өзүңдүн аскериң менен, көп сандаган элиң менен бороондой көтөрүлүп, жерди каптаган булуттай болуп келесиң".

10 Кудай-Теңир мындай дейт: "Ошол күнү жүрөгүңө бир ой келип, сен бир жаман иш ойлоп таап,

11 мындай дейсиң: «Дубал менен курчалбаган жерге чыгайын, коопсуздукта жашап жаткан бейкапар элге барайын, алардын баары дубалдары жок жашашат, алардын дарбазалары да, кулпулары да жок».

12 Талап-тонош үчүн, олжого тунуш үчүн, кайрадан эл отурукташкан урандыларга кол салыш үчүн, элдердин арасынан жыйналган, жер киндигинде жашап, чарба, соода жүргүзгөн элге кол салыш үчүн келесиң.

13 Шеба, Дыдан жана Таршыш көпөстөрү, алардын жаш арстандары сага: «Сен талап-тонош үчүн келдиңби, өзүңдүн сансыз аскериңди олжо табыш үчүн, алтын-күмүштөрдү тартып алыш үчүн, мал-мүлктөрдү чаап алыш үчүн, чоң олжого тунуш үчүн жыйнадыңбы?» – дешет".

14 Ошондуктан, адам уулу, пайгамбарчылык кылып, Гокко айт: Кудай-Теңир мындай дейт: “Чыны менен эле, сен ошол күнү Менин элим Ысрайыл коопсуз жашап жатканын билип,

15 өзүңдүн жериң болгон түндүк жеринен чыгып, көптөгөн элдер менен – атчандар менен, жоон топ менен, көп сандаган аскер менен келесиң.

16 Жерди каптаган булутка окшоп, Менин элим Ысрайылга каршы чыгасың. Бул акыркы күндөрү болот. Элдер Мени таанып билиши үчүн, Мен сени, Гок, Өз жериме каршы алып келем, элдердин алдында сен аркылуу Өзүмдүн ыйыктыгымды көрсөтөм”.

17 Кудай-Теңир мындай дейт: “Байыркы күндөрү: «Мен сени аларга каршы алып келем», – деп, ошол убакта пайгамбарчылык кылган Өзүмдүн кулдарым – Ысрайыл пайгамбарлары аркылуу сен жөнүндө айткан эмес белем?

**Кудайдын Гокко каардануусу**

18 Гок Ысрайыл жерине келген күнү, – дейт Кудай-Теңир, – Менин каарым жалындап күйөт.

19 Мен Өзүмдүн кызганычым менен, Өзүмдүн каарым күйүп турганда, мындай деп айткам: Чын эле, ошол күнү Ысрайыл жеринде өтө катуу жер титирөө болот.

20 Ошондо Менин жүзүмдөн деңиз балыктары, асман канаттуулары, талаа жырткычтары, сойлоп жүрүүчү жаныбарлар, жер бетиндеги бардык адамдар титирешет, тоолор урайт, аска-зоолор кулайт, бүт дубалдар жер менен жер болот.

21 Өзүмдүн бардык тоолорумда Гокко каршы кылыч чакырам, – дейт Кудай-Теңир. – Ар бир адамдын кылычы өзүнүн бир тууганына каршы чабылат.

22 Аны жугуштуу оору менен, кан төгүү менен жазалайм, анын үстүнө, анын аскеринин үстүнө, анын жанында жүргөн бүт элдин үстүнө кара нөшөр жана таш мөндүр, от жана күкүрт төгөм.

23 Ошентип, Өзүмдүн улуулугумду жана ыйыктыгымды көрсөтөм, көп элдерге Өзүмдү таанытып билдирем, ошондо Менин Теңир экенимди билишет”.

**39-БӨЛҮМ**

**Гоктун жеңилиши**

1 Сен болсо, адам уулу, Гокко каршы мындай деп пайгамбарчылык кыл: Кудай-Теңир мындай дейт: “Мешех менен Тубалдын башкы төрөсү Гок, Мен сага каршымын!

2 Сени буруп келем, сени жетелеп, эң алыскы түндүк жеринен алып чыгып, Ысрайыл тоолоруна алып келем.

3 Сол колуңдагы жааңды кагып түшүрөм, оң колуңдагы жебелериңди ыргытам.

4 Сен өзүңдүн сансыз аскериң менен, жаныңдагы элдер менен Ысрайыл тоолорунда өлөсүң. Сени ар түрдүү жырткыч канаттууларга жана талаа жырткычтарына жем кылам.

5 Сен ачык талаада өлөсүң, анткени муну Мен айттым, – дейт Кудай-Теңир.

6 Магокко жана аралдарда бейкапар жашап жаткандарга от жиберем, ошондо Менин Теңир экенимди билишет.

7 Өзүмдүн элим Ысрайылдын ичинде Өзүмдүн ыйык ысымымды таанытам, мындан ары Өзүмдүн ыйык ысымымдын булгануусуна жол бербейм, ошондо элдер Ысрайылдын ыйык Теңири Мен экенимди билишет”.

8 “Бул күн келет, ордунан чыгат, – дейт Кудай-Теңир, – бул күн – Мен айткан күн.

9 Ошол күнү Ысрайыл шаарларынын тургундары чыгып, курал-жарактар менен от жагышат: калкандар жана соottор менен, жаалар жана жебелер менен, найзалар жана чокморлор менен от жагышат. Булар менен жети жыл от жагышат.

10 Талаадан отун ташышпайт, токойдон жыгач кыйышпайт, анткени жалаң курал-жарактар менен от жагышат. Өздөрүн карактагандарды карактышат, өздөрүн талап-тоногондорду талап-тоношот, – дейт Кудай-Теңир.

11 Ошол күнү мындай болот: Ысрайыл жеринде, деңиздин чыгыш жагында жаткан жолоочулардын өрөөнүндө Гокко бейит үчүн жер берем, ал бейит жолоочулардын жолун тосуп калат. Ал жерге Гокту жана анын сансыз аскерин көмүшөт, ошентип, аны Амон-Гок өрөөнү деп аташат.

12 Жерди тазалаш үчүн, Ысрайыл аларды жети ай бою көмөт.

13 Аларды ал жердин бардык эли көмөт. Мен Өзүмдү даңктаган күн алар үчүн даңктуу күн болот, – дейт Кудай-Теңир.

14 Жер бетин көмүлбөй калгандардан тазалаш үчүн, аларды жолоочулардын жардамы менен көмүү үчүн, жерди карап чыгууга туруктуу кишилерди дайындашат. Алар жети ай өткөндөн кийин издей башташат.

15 Жерди карап чыгуучулардын ичинен кимдир бирөө ал жерден адамдын сөөгүн көрсө, анын жанына белги коюп коёт. Ал белги сөөк көмүүчүлөр аны Гок өрөөнүнө койгонго чейин турат.

16 Ошондуктан шаардын аты Амона деп аталат. Алар жерди ошентип тазалашат”.

17 Кудай-Теңир мындай дейт: “Сен болсо, адам уулу, ар түрдүү канаттууларга жана талаа жырткычтарына айт: Чогулуп келгиле, Менин силер үчүн соё турган курмандыгыма, Ысрайыл тоолорундагы чоң курмандыкка туш-туштан чогулуп келгиле, эт жеп, кан ичесиңер.

18 Күчтүү адамдардын этин жейсиңер, жердин төрөлөрүнүн канын ичесиңер. Алардын баары – Башандын бордолгон кочкорлору, козулары, текелери жана букачарлары.

19 Менин силер үчүн сойгон курмандыгымдын майынан тойгуча жейсиңер, канынан мас болгуча ичесиңер.

20 Менин дасторконумдан аттарга жана чабандестерге, ар кандай күчтүү адамдарга жана аскерлерге тоёсуңар”, – дейт Кудай-Теңир.

**Ысрайылдын калыбына келтирилиши**

21 “Ошентип, Мен элдердин арасында Өзүмдүн даңкымды көрсөтөм, бардык элдер Менин жүргүзгөн сотумду, Менин алардын үстүнө койгон колумду көрүшөт.

22 Ошол күндөн тартып, мындан ары Ысрайыл эли өздөрүнүн Кудай-Теңири Мен экенимди билет.

23 Ошондо элдер Ысрайыл өзүнүн күнөөсү үчүн туткундалып кеткенин билишет. Алар Менин алдымда жүзү каралык кылышканы үчүн, Мен алардан Өз жүзүмдү жашырып, аларды душмандарынын колуна салып бердим, ошондо алардын баары кылычтан кырылышты.

24 Мен аларга өздөрүнүн ыпыластыгы менен мыйзамсыздыгына жараша кылып, алардан Өз жүзүмдү жашырдым".

25 Ошондуктан Кудай-Теңир мындай дейт: "Жакыптын туткундалып кеткендерин азыр кайрып келем, бүт Ысрайылга ырайым кылам, Өзүмдүн ыйык ысымыма болгон кызганычымды көрсөтөм.

26 Алар өздөрүнүн жеринде эч ким коркутпай, коопсуз жашап жатышканда,

27 Мен аларды элдердин арасынан кайрып келгенде, аларды өздөрүнүн душмандарынын жеринен жыйнап келгенде, алар аркылуу көп элдердин көз алдында Өзүмдүн ыйыктыгымды көрсөткөндө, алар өздөрүнүн Менин алдымда кылган кылмыштары менен мыйзамсыздыктарын сезишет.

28 Аларды элдердин арасына чачып, кайрадан өз жерине жыйнап келгенде, алар өздөрүнүн Кудай-Теңири Мен экенимди билишет. Ошондон кийин ал жерлерге алардын эч бирин калтырбайм.

29 Ошондон кийин Мен Өз жүзүмдү алардан жашырбайм, анткени Мен Өз рухумду Ысрайылга төгөм"», – дейт Кудай-Теңир.

**40-БӨЛҮМ**

**Келечектеги ийбадаткана жөнүндөгү көрүнүш**

1 Биздин туткундалып кеткенибизге жыйырма беш жыл болгондо, жылдын башындагы айдын онунчу күнү, шаардын кыйраганына он төрт жыл болгондо, дал ошол күнү Теңирдин колу менин үстүмдө болуп, Ал мени ошол жерге алып барды.

2 Ал мени Кудай көргөзгөн көрүнүштө Ысрайыл жерине алып келип, эң бийик тоонун үстүнө койду, анын үстүндө, түштүк жагында шаар имараттарына окшогон имараттар бар эле.

3 Ал мени ошол жерге алып келди. Өңү жаркыраган жездей болгон, колунда зыгыр арканы жана ченегич таягы бар бир адамды көрдүм. Ал дарбаза алдында турган экен.

4 Ошол адам мага: «Адам уулу! Көзүң менен көр, кулагың менен ук, Мен сага эмнени көрсөтсөм, ошонун баарын дит коюп кара. Анткени сен бул жерге мен сага ушуну көрсөтүшүм үчүн алынып келиндиң. Эмнени көрсөң, ошонун баарын Ысрайылга кабарла», – деди.

5 Ийбадаткананы тегерете курчаган дубалды көрдүм, ал адамдын колунда узундугу алты чыканак болгон ченегич таяк бар экен. Бир чыканактын узундугу бир чыканакка бир алаканды кошконго барабар. Ал ушул имаратты ченегенде, анын дубалынын калыңдыгы бир таяк, бийиктиги бир таяк болду.

6 Анан ал чыгыш жакты караган дарбазага барып, тепкич менен өйдө чыгып, дарбазанын бир босогосунун туурасын ченегенде бир таяк болду, экинчи босогосунун туурасын ченегенде бир таяк болду.

7 Капталдагы ар бир бөлмөнүн узундугун ченегенде бир таяк, туурасын ченегенде бир таяк болду, ал эми бөлмөлөрдүн арасы беш чыканак болду, кире бериш бөлмөнүн дарбазасынын алдындагы дарбазанын босогосу бир таяк болду.

8 Ал кире бериш бөлмөнүн алдындагы дарбазаны ченеди, ал бир таяк болду.

9 Ал эми кире бериш бөлмөнү ченегенде сегиз чыканак болду, мамылары эки чыканак болду. Бул кире бериш бөлмө ийбадаткана тарапта эле.

10 Чыгышты караган дарбазанын алдындагы каптал бөлмөлөрдүн үчөө бир жагында, үчөө экинчи жагында. Ар бир үч бөлмөнүн ченеми бир, тигил капталындагы да, бул капталындагы да мамылардын ченемдери бир.

11 Ал адам дарбазанын кире беришинин туурасын ченегенде он чыканак болду, дарбазанын узундугун ченегенде он үч чыканак болду.

12 Ал эми бөлмөлөрдүн алдындагы тосмолорду ченегенде бир чыканак, башка тарабындагы тосмону ченегенде бир чыканак болду. Бир капталдагы бөлмөлөр алты чыканак, экинчи капталдагы бөлмөлөр алты чыканак эле.

13 Анан ал бир бөлмөнүн чатырынан экинчи бөлмөнүн чатырына чейинки дарбазаны ченеди, эшиктен эшикке чейинки аралык жыйырма беш чыканак болду.

14 Ал эми мамыларды ченегенде алтымыш чыканак болду. Дарбаза алдындагы жана короонун жанындагы ар бир мамынын чени ошончо болду.

15 Сырткы дарбазадан ички дарбазага чейин элүү чыканак болду.

16 Капталдагы бөлмөлөрдүн жана алардын мамыларынын тор терезелери бар эле, дарбазанын ич жагынын, ошондой эле кире бериш бөлмөнүн тегерете терезелери бар эле, мамыларда пальманын сүрөттөрү бар эле.

17 Анан ал мени сырткы короого алып келди, ал жерде бөлмөлөр бар экен. Короону тегерете таш секиче жасалыптыр. Ал секичеде отуз бөлмө бар экен.

18 Ал секиче дарбазанын узундугуна жараша дарбазанын капталдарында эле. Бул секиче жапызыраак болчу.

19 Анан ал төмөнкү дарбазадан ички короонун сырткы четине чейин, туурасын ченегенде жүз чыканак болду – чыгышка жана түндүккө карай.

20 Ал түндүктү караган сырткы короонун дарбазасынын узундугун жана туурасын ченеди.

21 Анын ичиндеги бир тарабында үчтөн, башка тарабында үчтөн турган бөлмөлөрдү ченеди. Алардын мамылары менен тосмолорунун ченеми мурунку дарбазалардыкындай эле: алардын узуну элүү чыканак, туурасы жыйырма беш чыканак.

22 Алардын терезелеринин, тосмолорунун жана пальмаларынын ченеми чыгышты караган дарбазаныкындай эле. Ага жети тепкич аркылуу чыгышат экен, алардын тосмолору бар экен.

23 Ички короодо түндүк жана чыгыш дарбазаларына маңдайлаш дарбазалар бар экен. Ал дарбазадан дарбазага чейинки аралыкты ченегенде жүз чыканак болду.

24 Анан мени түштүк жагына алып барды, ал жерде түштүк дарбазасы бар экен. Ал мамыларды жана тосмолорду ченегенде, түндүк жана чыгыш дарбазаларынын ченеминдей болду.

25 Дарбазалардын жана кире бериштин терезелери тигил терезелердей эле: узундугу элүү чыканак, туурасы жыйырма беш чыканак.

26 Аларга чыгуу үчүн жети тепкич бар эле, алардын алдында кире бериш бөлмө бар эле. Бир капталындагы мамыларда да, экинчи капталда турган мамыларда да пальманын сүрөттөрү бар эле.

27 Ички короонун түштүктү караган дарбазасы бар эле. Ал дарбазадан түштүк дарбазасына чейин ченегенде жүз чыканак болду.

28 Анан ал мени түштүк дарбазасы аркылуу ички короого алып барды. Түштүк дарбазасынын чени тигил дарбазаныкындай эле болду.

29 Алардын каптал бөлмөлөрү, мамылары, кире бериш бөлмөлөрү тигилердин эле ченеминдей эле. Алардын мамыларынын, кире бериш бөлмөлөрүнүн тегерете терезелери бар эле. Узундугу элүү чыканак, туурасы жыйырма беш чыканак.

30 Тегерегинде кире бериш бөлмөлөр бар болчу, алардын узундугу жыйырма беш чыканак, туурасы беш чыканак.

31 Алардын сыртты караган кире бериш бөлмөлөрү бар эле, алардын мамыларында пальманын сүрөттөрү бар эле. Аларга чыга турган сегиз тепкич бар эле.

32 Анан ал мени чыгыш дарбазасы аркылуу ички короого алып барды. Ал бул дарбазаларды ченегенде, ченеми тигилердикиндей болду.

33 Алардын каптал бөлмөлөрү, мамылары жана кире бериш бөлмөлөрү ошондой ченемде эле: алардын жана алардын кире бериш бөлмөлөрүнүн тегерете терезелери бар эле. Узундугу элүү чыканак, туурасы жыйырма беш чыканак.

34 Алардын кире бериш бөлмөлөрү сырткы короону карап турат экен, алардын эки капталындагы мамыларда пальмалардын сүрөттөрү бар эле. Аларга чыга турган сегиз тепкич бар эле.

35 Анан ал мени түндүк дарбазасына алып келди, анын ченеми тигил дарбазалардын ченеминдей болду.

36 Анын каптал бөлмөлөрү, мамылары, кире бериш бөлмөлөрү, алардын тегерете терезелери бар эле. Узундугу элүү чыканак, туурасы жыйырма беш чыканак.

37 Анын сырткы короону караган кире бериш бөлмөсү бар эле, анын эки капталында турган мамыларында пальмалардын сүрөттөрү бар эле. Аларга чыга турган сегиз тепкич бар эле.

38 Ошондой эле мамылуу дарбазалардын жанында бир бөлмө бар болчу, анын эшиги дарбаза жакты карачу. Ал жерде бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктарды жуушчу.

39 Ал эми дарбазанын алдындагы кире бериш бөлмөнүн ичинде бир жагында эки үстөл, экинчи жагында эки үстөл бар эле. Анткени алардын үстүндө бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктарды, күнөө үчүн чалынуучу курмандыктарды, айып үчүн чалынуучу курмандыктарды союшчу.

40 Сыртта, түндүк дарбазасынын алдындагы кире бериш бөлмөнүн бир жагында эки үстөл, дарбазанын алдындагы кире бериш бөлмөнүн бир жагында эки үстөл бар эле.

41 Төрт үстөл дарбазанын бир жагында, төрт үстөл дарбазанын экинчи жагында – бардыгы сегиз үстөл, алардын үстүндө курмандыктар союлчу.

42 Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктар даярдала турган төрт үстөл жылмаланган таштардан эле, анын узундугу бир жарым чыканак, туурасы бир жарым чыканак, бийиктиги бир чыканак. Алардын үстүнө бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктарды жана башка курмандыктарды союуда колдонулуучу куралдарды коюшчу.

43 Имараттын дубалын тегерете бир алакан болгон илмектер жасалган, ал эми үстөлдөргө курмандыктардын этин коюшчу.

44 Ички дарбазанын сырт жагында ырчылар үчүн бөлмөлөр бар эле. Түндүк дарбазасынын капталындагы ички короодогу бир бөлмө түштүктү, түштүк дарбазасынын капталындагы бир бөлмө түндүктү карачу.

45 Анан ал мага мындай деди: «Түштүктү караган бул бөлмө ийбадатканада сакчылык кылган ыйык кызмат кылуучулар үчүн.

46 Ал эми түндүктү караган бөлмө курмандык чалынуучу жайга сакчылык кылган ыйык кызмат кылуучулар үчүн. Алар – Леби уулдарынын ичинен Теңирге кызмат кылыш үчүн Ага жакындаган Садоктун уулдары».

47 Анан ал короону ченеди. Анын узундугу жүз чыканак, туурасы жүз чыканак болду: ал төрт бурчтуу эле. Ал эми ийбадаткананын алдында курмандык чалынуучу жай турган эле.

48 Анан ал мени ийбадаткананын кире бериш бөлмөсүнө алып келди. Кире бериш бөлмөнүн бир капталындагы мамылар беш чыканак, экинчи капталындагы мамылар беш чыканак болду. Ал эми дарбазанын туурасы бир капталынан үч чыканак, экинчи капталынан үч чыканак болду.

49 Кире бериш бөлмөнүн узундугу жыйырма чыканак, туурасы он бир чыканак болду, ага чыга турган он тепкич бар эле. Мамылардын тирөөчтөрү бар экен: бирөө бир жагында, бирөө экинчи жагында.

**41-БӨЛҮМ**

1 Анан ал мени ийбадатканага алып келди, бир жагындагы мамылардын туурасын ченегенде алты чыканак, экинчи жагындагы мамылардын туурасын ченегенде алты чыканак болду, жыйын чатырынын туурасы ошончо болду.

2 Эшиктин туурасы он чыканак, эшиктин бир капталы беш чыканак, экинчи капталы беш чыканак. Ийбадаткананын узундугун ченегенде кырк чыканак, туурасын ченегенде жыйырма чыканак болду.

3 Анан ал ичине кирип, эшиктин оозундагы мамыларды ченегенде эки чыканак, эшикти ченегенде алты чыканак, эшиктин туурасын ченегенде жети чыканак болду.

4 Ал бөлмөнүн узундугун ченегенде жыйырма чыканак, туурасын ченегенде жыйырма чыканак болду, анын туурасы ийбадаткананын туурасына барабар. Анан ал мага: «Бул – ыйыктын ыйыгы», – деди.

5 Анан ал ийбадаткананын дубалын ченегенде алты чыканак болду, ал эми ийбадаткананын тегерегиндеги каптал бөлмөлөрдүн туурасын ченегенде төрт чыканактан болду.

6 Бөлмө үстүнө бөлмө болуп жайланышкан капталындагы бөлмөлөр отуз үч болду. Тегерете салынган бөлмөлөр ийбадаткананын тегерегиндеги дубалга кирип турат, бирок ийбадаткананын дубалына тийбейт, алар жалпы жабылган.

7 Үй тегерете жогорулаган сайын каптал бөлмөлөр кеңейген, анткени ийбадаткананын айланасы үй улам жогорулаган сайын кеңейген, ошондуктан ийбадаткананын жогору жагы кенен болчу. Төмөнкү кабаттан жогорку кабатка ортоңку кабат аркылуу көтөрүлүп чыкчу.

8 Мен үйдүн жогору жагын тегерете көрдүм. Каптал бөлмөлөрүнүн негизи – бир бүтүн таяк, ал – алты толук чыканак.

9 Сыртка чыгып турган каптал бөлмөлөрдүн дубалынын туурасы беш чыканак, ийбадатькананын каптал бөлмөлөрүнүн жанында ачык жер бар.

10 Ийбадатькананын тегерегиндеги бөлмөлөрдүн арасындагы аралык жыйырма чыканак.

11 Каптал бөлмөлөрдүн эшиктери ачык жерди карап турат, бир эшиги түндүк жакты, бир эшиги түштүк жакты карайт. Ал эми бул ачык жердин туурасы беш чыканак.

12 Батыш тараптагы аянттын алдындагы имараттын туурасы жетимиш чыканак. Ушул имараттын дубалынын туурасы беш чыканак, узундугу токсон чыканак.

13 Ал ийбадатькананын узундугун ченегенде жүз чыканак болду; короону, жанаша курулган үйдү жана анын дубалдарын ченегенде да жүз чыканак болду.

14 Ийбадатькананын алды жагы менен чыгышты караган аянттын туурасы да жүз чыканак.

15 Анан ал аянттын алдындагы, анын батыш тарабындагы имараттын узундугун тигил жана бул жагында жайланышкан каптал бөлмөлөрү менен бирге, ийбадатькананын ичи менен бирге, короонун кире бериш бөлмөлөрү менен бирге ченегенде жүз чыканак болду.

16 Эшик устундары жана тор терезелер, үч кабаттагы тегерете салынган каптал бөлмөлөрдүн эшиктеринин каршысы, үйдүн тактасынан терезеге чейин жыгач менен капталган, терезелер жабык турчу.

17 Эшиктердин үстү, ийбадатькананын ичи да, сырты да, дубалдын ички бети менен сырткы бети да жыгач менен капталган эле.

18 Алардын бетине керуптар менен пальмалар түшүрүлгөн эле: эки керуптун ортосунда бир пальма бар эле, ар бир керуптун эки бети бар эле.

19 Пальманы бир жагынан адам бети, экинчи жагынан арстан бети карап турат. Ийбадатькананын ичи бүт бойдон, тегерете мына ушундай жасалган.

20 Полдон эшиктин жогору жагына чейин керуптар жана пальмалар жасалган, ийбадатькананын дубалдары да ошондой.

21 Ийбадатькананын эшиктеринин кашектери төрт бурчтуу болчу. Ыйык жайга кирүүчү эшиктин көрүнүшү да ошол эшиктин көрүнүшүндөй эле.

22 Бийиктиги үч чыканак, узундугу эки чыканак болгон курмандык чалынуучу жай жыгачтан болчу. Анын бурчтары, таканычы, капталдары жыгачтан эле. Анан ал мага: «Бул – Теңирдин алдындагы дасторкон», – деди.

23 Ийбадатькананын жана ыйыктын ыйыгынын экиден эшиктери бар эле.

24 Бул эшиктер эки эшиктен турат экен, экөө тең жылып турма, биринчи эшикте эки эшик, экинчи эшикте да эки эшик.

25 Ийбадатькананын эшиктеринин бетине дубалдын бетиндегидей эле керуптар жана пальмалар түшүрүлгөн эле. Ал эми сыртта, кире бериш бөлмөнүн алдында тактайдан жасалган секиче бар экен.

26 Кире бериш бөлмөнүн тигил капталында да, бул капталында да, ийбадатькананын каптал бөлмөлөрүндө да, жыгач менен капталган мамыларда да бетине пальмалар түшүрүлгөн тор терезелер бар эле.

**42-БӨЛҮМ**

1 Анан ал мени түндүк тараптагы жол менен сырткы короого алып чыгып, аянттын каршысындагы, түндүк тараптагы имараттын каршысындагы бөлмөлөргө ээрчитип келди.

2 Эшиги түндүктү караган бул бөлмөлөрдүн узундугу жүз чыканак, туурасы элүү чыканак экен.

3 Жыйырма чыканак болгон ички короонун каршысында жана сырткы короодогу секиченин каршысында бири-бирин караган үч кабаттуу галереялар бар эле.

4 Ал эми бөлмөлөрдүн алдындагы кире бериштин туурасы он чыканак, узундугу бир чыканак. Алардын эшиктери түндүктү карайт.

5 Жогорку бөлмөлөр куушураак эле, анткени галереялар бул имараттагы ортоңку жана төмөнкү бөлмөлөргө караганда көп орун ээлейт.

6 Ал мамылар үч кабат эле, ал бөлмөлөрдүн короонукундай мамылары жок болчу. Ошондуктан ал бөлмөлөр ортоңку жана төмөнкү бөлмөлөргө караганда куушураак жасалган экен.

7 Ал эми сырткы короодогу ушул бөлмөлөрдүн каршысындагы бөлмөлөрдүн алдыңкы бетин түзгөн сырткы дубалдын узундугу элүү чыканак эле.

8 Анткени сырткы короодогу бөлмөлөрдүн узундугу да элүү гана чыканак, ал эми ийбадаткананын алды жүз чыканак эле.

9 Сырткы короодон киргенде, кире турган эшик чыгыш тарапта, ушул бөлмөлөрдүн астында эле.

10 Аянттын алдындагы чыгышты караган короонун дубалынын туурасынан кеткен жагында жана имараттын алдында бөлмөлөр бар эле.

11 Алардын алдындагы кире бериш түндүктү караган бөлмөлөрдүкүндөй эле, узундугу менен туурасы да, чыга турган эшиктери да, алардын түзүлүшү да, кире турган эшиктери да ошол бөлмөлөрдүкүндөй эле.

12 Ал эшиктер түштүктү караган бөлмөлөрдүкүндөй болчу, аларга кире турган эшик чыгышка карай дубал бойлоп кеткен жолдун өзүндө эле.

13 Анан ал мага мындай деди: «Аянттын алдындагы түндүктү караган бөлмөлөр жана түштүктү караган бөлмөлөр – Теңирге жакындаган ыйык кызмат кылуучулардын ыйык бөлмөлөрү, алар эң ыйык курмандыкты ошол жерде жешет. Алар ошол жерге эң ыйык курмандыктарды: нан курмандыктарын, күнөө үчүн чалынуучу курмандыктарды жана айып үчүн чалынуучу курмандыктарды коюшат, анткени бул – ыйык жер.

14 Ыйык кызмат кылуучулар ыйык жайга киргенде, кызмат кылганда кийген кийимдерин ошол жерге калтырмайынча, сырткы короого чыгышпасын, анткени ал кийимдер ыйык. Алар башка кийим кийгенден кийин гана элге чыгышсын».

15 Ал ийбадаткананын ичин ченеп бүткөндөн кийин, мени чыгышты караган дарбазалар менен сыртка ээрчитип чыгып, аны айланта ченей баштады.

16 Ченегич таяк менен ал анын чыгыш тарабын ченеди, ченегич таяк менен ченегенде, бардыгы беш жүз таяк болду.

17 Түндүк тарабын ошол эле ченегич таяк менен ченегенде, бардыгы беш жүз таяк болду.

18 Түштүк тарабын да ошол эле ченегич таяк менен ченегенде, беш жүз таяк болду.

19 Ал жерден батыш тарапка бурулуп, ченегич таяк менен ченегенде, беш жүз таяк болду.

20 Ал анын бардык төрт тарабын ченеп чыкты. Анын тегерегинде туурасы беш жүз таяк, узундугу беш жүз таяк болгон дубал бар эле. Ал дубал ыйык жерди ыйык эмес жерден бөлүп турчу.

**43-БӨЛҮМ**

**Теңирдин даңкынын ийбадатканага кайтып келиши**

1 Анан ал мени дарбазага – чыгышты караган дарбазага алып келди.

2 Ысрайыл Кудайынын даңкы чыгыштан келе жатты. Анын үнү чоң суулардын дабышындай эле, Анын даңкынан жер жарык болуп турду.

3 Бул көрүнүш мен көргөн мурунку көрүнүштөй эле, ал шаардын кыйрашын кабарлап келгенимде көргөн көрүнүшкө окшош эле, ал Кебар дарыясынын жээгинде көргөн көрүнүштөргө окшош эле. Ошондо мен жүзтөмөндөп жыгылдым.

4 Теңирдин даңкы чыгышты караган дарбаза аркылуу ийбадатканага кирди.

5 Ошондо рух мени көтөрүп, ички короого киргизди. Ийбадаткана бүт бойдон Теңирдин даңкына толду.

6 Мен кимдир бирөөнүн ийбадаткананын ичинен мага сүйлөп жатканын уктум, ал киши болсо менин жанымда турган эле.

7 Ошондо Теңир мага мындай деди: «Адам уулу! Бул – Менин тагым турган жер, Менин бутум турган жер, бул жер Менин Ысрайыл уулдарынын арасында түбөлүккө жашай турган жерим. Ысрайыл мындан ары Менин ыйык ысымымды булгабайт, алар өзүлөрү да, алардын падышалары да өздөрүнүн бузуктугу менен, өздөрүнүн падышаларынын өлүктөрү менен, бутканалары менен Менин ыйык ысымымды мындан ары булгашпайт.

8 Алар өздөрүнүн босогосун Менин босогомдун жанына коюшкан, өздөрүнүн эшиктерин Менин эшигимдин жанына коюшкан, ошондуктан Мени менен алардын ортосун бир эле дубал бөлүп турчу. Алар өздөрүнүн жийиркеничтүү иштери менен Менин ыйык ысымымды булгашчу. Ошон үчүн Мен аларды Өз каарым менен кырып салгам.

9 Эми алар өздөрүнүн бузуктугун, падышаларынын өлүктөрүн Менден четтетишет, ошондо Мен алардын арасында түбөлүк жашайм.

10 Өздөрүнүн мыйзамсыздыктарынан уялышы үчүн, ийбадаткананын ченемин алышы үчүн, сен, адам уулу, Ысрайылга ушул ийбадаткана жөнүндө жарыя кыл.

11 Эгерде алар өздөрүнүн бардык иштеринен уялышса, анда аларга ийбадаткананын көрүнүшүн, түзүлүшүн, андан чыга турган жана ага кире турган эшиктерин, бүт сүрөттөрүн, бүт көрсөтмөлөрүн, бардык көркөм сүрөттөрүн, бүт мыйзамдарын көрсөт. Алар анын түзүлүшүн жана бүт көрсөтмөлөрүн сактап, ошолорду аткарышы үчүн, алардын көзүнчө жаз.

12 Ийбадаткананын мыйзамы мындай: тоонун чокусундагы ал турган жердин тегерегиндеги бүт мейкиндик – ыйыктын ыйыгы. Ийбадаткананын мыйзамы ушул!»

**Курмандык чалынуучу жай**

13 Чыканак менен ченегенде курмандык чалынуучу жайдын ченеми мындай болду (бир чыканак алакан менен чыканакты кошконго барабар): пайдубалы бир чыканак, туурасы да бир чыканак, тегерете курчап турган кырдын эни бир карыш. Курмандык чалынуучу жайдын арткы тарабы мындай:

14 анын пайдубалынан төмөнкү урчугуна чейин эки чыканак, ал эми анын туурасы бир чыканак. Кичине урчугунан чоң урчугуна чейин төрт чыканак, ал эми анын туурасы бир чыканак.

15 Курмандык чалынуучу жайдын өзүнүн бийиктиги төрт чыканак. Курмандык чалынуучу жайдын үстүнөн төрт мүйүз чыгып турат.

16 Курмандык чалынуучу жайдын узундугу он эки, туурасы он эки чыканак. Анын төрт тарабы бирдей, ал төрт бурчтуу.

17 Анын аянтчасынын узундугу он төрт чыканак, туурасы он төрт чыканак, аны тегерете курчап турган кыр жарым чыканак, ал эми пайдубалы бир чыканак. Ага чыгуучу тепкичтер болсо чыгыш тараптан.

**Курмандыктар жөнүндө**

18 Анан ал мага мындай деди: «Адам уулу! Кудай-Теңир мындай дейт: “Курмандык чалынуучу жайдын үстүнө бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык чалып туруу үчүн, үстүнө кан чачып туруу үчүн, курмандык чалынуучу жай жасалып бүткөн күнү берилген көрсөтмө мындай:

19 Мага кызмат кылуу үчүн жакындаган Садок уруусунан, Леби уулдарынан чыккан ыйык кызмат кылуучуларга күнөө үчүн курмандыкка бир букачар бер, – дейт Кудай-Теңир.

20 Букачардын канынан алып, курмандык чалынуучу жайдын төрт мүйүзүнө, аянтчанын төрт бурчуна, тегерете курчап турган кырына чач, сен аны ушинтип тазала, ушинтип ыйыкта.

21 Күнөө үчүн чалынган букачарды алып, аны ыйык жайдын сыртында, үйдүн атайы белгиленген жеринде өрттө.

22 Ал эми эртеси күнү күнөө үчүн курмандыкка кемчиликсиз бир теке чал. Курмандык чалынуучу жайды букачар менен кандай тазалашса, аны менен да ошондой тазалашсын.

23 Тазалагандан кийин, кемчиликсиз бир букачар жана кемчиликсиз бир кочкор алып кел.

24 Аларды Теңирдин алдына алып кел. Аларга ыйык кызмат кылуучулар туз чачып, Теңирге арнап бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка чалышат.

25 Күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка жети күн бою, күнүнө бир текеден чал. Ошондой эле күнүнө бирден букачар жана бирден кемчиликсиз кочкор чалышсын.

26 Курмандык чалынуучу жайды жети күн бою тазалашсын, ыйыкташсын жана өз колдорун толтурушсун.

27 Ушул күндөр бүткөндөн кийин, сегизинчи күнү жана андан ары ыйык кызмат кылуучулар курмандык чалынуучу жайда бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктарыңарды жана тынчтык курмандыктарыңарды чалышат. Ошондо Мен силерге ырайым кылам”», – дейт Кудай-Теңир.

**44-БӨЛҮМ**

1 Анан ал мени кайрадан ыйык жайдын чыгышты караган сырткы дарбазасына алып келди, алар бекитилүү болчу.

2 Ошондо Теңир мага мындай деди: «Бул дарбаза бекитилет, ачылбайт, ал аркылуу эч бир адам кирбейт, анткени ал аркылуу Ысрайылдын Кудай-Теңири кирген, ошон үчүн ал бек болот.

3 Төрө болсо падыша катары анын ичинде Теңирдин алдында нан жеш үчүн отурат. Ал ушул дарбазанын жанындагы кире бериш бөлмө аркылуу кирет да, ошол эле жол менен кайра чыгат».

**Ийбадатканага кирүү эрежелери**

4 Андан кийин ал мени түндүк дарбазасы аркылуу ийбадаткананын бет маңдайына алып келди. Ошондо мен ийбадаткана Теңирдин даңкына толуп турганын көрүп, жүзтөмөндөп жыгылдым.

5 Анан мага Теңир мындай деди: «Адам уулу! Мен сага айтып жаткан ийбадаткананын бардык мыйзамдары менен көрсөтмөлөрүн жүрөгүңө түй, өз көзүң менен көр, өз кулагың менен ук. Ийбадатканага кире турган эшикти жана ыйык жайдан чыга турган эшиктердин баарын көңүл коюп кара.

6 Анан козголоңчул Ысрайыл элине айт: Кудай-Теңир мындай дейт: "Ысрайыл эли, жийиркеничтүү иштерди кылганыңар жетишет!

7 Силер жүрөгү сүннөткө отургузулбаган, денеси да сүннөткө отургузулбаган жат элдин уулдарын Менин ыйык жайыма алып кирдиңер. Алар Менин нанымды, майды жана канды тартуулашып, Менин ийбадатканамды булгашты. Ошентип, силер өзүңөрдүн ар кандай жийиркеничтүү иштериңер менен Менин келишимимди буздуңар.

8 Силер Менин ыйык нерселеримдин алдында күзөт кызматын аткарган жоксуңар, аларды өзүңөрдүн ордуңарга Менин ыйык жайымды күзөтүү үчүн койдуңар".

9 Кудай-Теңир мындай дейт: "Жүрөгү сүннөткө отургузулбаган жана денеси сүннөткө отургузулбаган жат элдин уулдарынын эч бири Менин ыйык жайыма кирбеши керек, ал турсун, Ысрайыл уулдарынын арасында жашап жаткан бөтөн уруунун уулу да кирбесин.

**Ишенимсиз лебилердин ыйык кызматтан четтетилиши**

10 Ысрайыл Менден баш тарткан убакта Менден алыстап, өздөрүнүн жасалма кудайларынын артынан кеткен лебилер да өз күнөөсүнүн жазасын алышат.

11 Алар Менин ыйык жайымда ийбадаткананын дарбаза күзөтчүлөрү катары, ийбадаткананын кызматчылары катары кызмат кылышат. Алар эл үчүн бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты жана башка курмандыктарды союшат, элдин алдында туруп, эл үчүн кызмат кылышат.

12 Алардын жасалма кудайларынын алдында аларга кызмат кылышканы үчүн, Ысрайылдын мыйзамсыздык кылуусуна түрткү болушканы үчүн Мен Өзүмдүн колумду аларга каршы көтөрдүм, – дейт Кудай-Теңир, – ошондуктан алар өздөрүнүн күнөөсүнүн жазасын алышат.

13 Алар Мага жакындашпайт, Менин алдымда ыйык кызмат кылышпайт, Менин бардык ыйык нерселериме, ыйыктын ыйыгына жакын келишпейт, тескерисинче, өздөрүнүн абийирсиздигинин, кылган жийиркеничтүү иштеринин жазасын өз моюндары менен тартышат.

14 Аларды ийбадатканага күзөтчүлүккө, анын ичиндеги бардык жумуштарды аткарууга коём.

**Садоктун уулдары жөнүндө**

15 Ал эми Ысрайыл уулдары Менден баш тартып кеткен убакта Леби урууусунан чыккан ыйык кызмат кылуучулар, Садоктун уулдары, Менин ыйык жайымда ар дайым күзөттө турушкан. Мага ошолор жакындашат, Мага ошолор кызмат кылышат, Менин алдымда туруп, Мага май менен кан тартуулашат, – дейт Кудай-Теңир.

16 Алар Мага кызмат кылыш үчүн, Менин күзөт иштеримди аткарыш үчүн, Менин ыйык жайыма киришет, Менин дасторконума жакындашат.

17 Алар ички короонун дарбазасынын алдына келишкенде, зыгыр буласынан токулган кийим кийишет. Ийбадаткананын ичинде жана ички короонун дарбазаларынын алдында кызмат өтөө учурунда алардын үстүндө жүндөн токулган кийим болбосун.

18 Алардын баштарындагы селделер да зыгыр кездемеден болсун, алардын белиндеги ички кийимдер да зыгыр кездемеден болсун. Алар тердете турган кур курчанышпасын.

19 Ал эми сырткы короого, сырткы короодо турган элге чыгуу керек болгондо, кызмат кылганда кийген кийимдерин чечип, ыйык бөлмөлөргө калтырышсын, ыйык кийимдерин элге тийгизбеш үчүн, башка кийимдерди кийишсин.

20 Алар чачтарын кырышпасын жана өстүрүшпөсүн, бирок чачтарын үзгүлтүксүз кыркып турушсун.

21 Ички короого бара жатканда, бир да ыйык кызмат кылуучу шарап ичпеши керек.

22 Алар өздөрүнө аялдыкка жесирди да, күйөөсү менен ажырашканды да албашы керек, аларга бир гана Ысрайыл урууларынын кыздарын же ыйык кызмат кылуучунун жесир калган аялын алганга болот.

23 Алар Менин элиме ыйыкты ыйык эместен ажыратууну үйрөтүшсүн, эмне таза, эмне таза эмес экенин түшүндүрүшсүн.

24 Алар талаш-тартыш иштер болгондо сот жүргүзүшсүн, аларды Менин мыйзамдарым боюнча соттошсун, Менин мыйзамдарымды, Менин майрамдарым жөнүндөгү буйруктарымды аткарышсын, Менин ишемби күндөрүмдү ыйык тутушсун.

25 Таза эмес болуп калбаш үчүн, алардын эч кимиси өлгөн кишиге жакындабашы керек. Атасы же энеси, уулу же кызы, эркек бир тууганы же күйөөгө тие элек кыз бир тууганы өлгөндө гана өздөрүн таза эмес кылса болот.

26 Андан тазалангандан кийин, ага дагы жети күн санап бөлүп коюу керек.

27 Ыйык жайда кызмат кылыш үчүн, ички короодогу ыйык жайга келген күнү ал күнөө үчүн чалынуучу курмандык чалышы керек, – дейт Кудай-Теңир.

28 Алардын энчиси жөнүндө айта турган болсом, алардын энчиси Менмин. Ысрайыл жеринде алардын үлүшүнө жер бербегиле, алардын үлүшү Менмин.

29 Алар нан курмандыктарынан, күнөө үчүн чалынуучу курмандыктардан жана айып үчүн чалынуучу курмандыктардан жешет. Ысрайылда Теңирге арналган нерсенин баары аларга таандык.

30 Бардык жемиштериңердин биринчи түшүмү жана ар кандай тартууларыңар, ал тартууларыңар эмнеден гана турбасын, ыйык кызмат кылуучуларга таандык. Үйүңөрдөн Кудайдын батасы кетпеш үчүн, эгин бастырганыңарда биринчи түшүмдү ыйык кызмат кылуучуга бергиле.

31 Эч кандай тарпты, канаттуу болобу, мал болобу, жырткыч тытып кеткенди ыйык кызмат кылуучулар жебеши керек.

**45-БӨЛҮМ**

**Теңирге арналган үлүш**

1 Силер жерди өкчөмө таш менен бөлүштүрө баштаганда, Теңирге арнап ыйык жер бөлүп койгула. Анын туурасы он миң, узундугу жыйырма беш миң таяк болсун. Ал жер бүт бойдон, тегерете ыйык.

2 Ал жерден ыйык жай үчүн төрт жагы тең беш жүз таяктан болгон төрт бурчтук жер бөлүнсүн, анын айланасына дагы элүү чыканак аянт бөлүнсүн.

3 Ушул өлчөнгөн жердин ичинен ыйыктын ыйыгы турган ыйык жай үчүн узундугу жыйырма беш миң, туурасы он миң таяк болгон жер бөлүп кой.

4 Бул жердин ыйык бөлүгү Теңирге кызмат кылыш үчүн Ага жакындаган, ыйык жайда кызмат кылган ыйык кызмат кылуучуларга таандык болот. Бул жер алардын үйү үчүн жана ыйык жай үчүн ыйык жер болот.

5 Узундугу жыйырма беш миң, туурасы он миң таяк болгон жер ийбадаткананын кызматчыларынын – лебилердин үлүшүнө берилет.

6 Теңирге бөлүнгөн ыйык жердин каршысынан туурасы беш миң, узундугу жыйырма беш миң болгон жерди шаардын үлүшүнө бергиле. Ал жер бүт Ысрайылга таандык болот.

**Төрөнүн үлүшү**

7 Теңирге бөлүнгөн ыйык жердин жанынан, ошондой эле шаардын үлүшүнүн жанынан, тигил тарабынан да, бул тарабынан да, чыгыш тарабындагы чыгышка кеткен, батыш тарабындагы батышка кеткен, узундугу батыш чек арадан чыгыш чек арага чейин жаткан, үлүштөрдүн биринин узундугуна барабар болгон жерди төрөгө бергиле.

8 Ал – анын жери, анын Ысрайылдагы үлүшү, мындан ары Менин төрөлөрүм Менин элимди кысымга албашы керек, алар Ысрайылга уруулары боюнча жер бериши керек".

9 Кудай-Теңир мындай дейт: "Ысрайыл төрөлөрү, силердики жетишет! Кордук көрсөткөнүңөрдү, эзгениңерди койгула, акыйкаттык жана адилеттик боюнча иш жүргүзгүлө, Менин элимди өзүнүн үлүшүнөн сүрүп чыгарганыңарды токтоткула, – дейт Кудай-Теңир.

10 Силердин таразаңар да, эйфаңар да, батыңар да туура болсун.

11 Эйфа менен бат бирдей өлчөмдө болушу керек, бир бат бир хомердин ондон бир бөлүгүнө барабар болсун, бир эйфа да бир хомердин ондон бир бөлүгүнө барабар болсун. Алардын өлчөмү хомер боюнча аныкталсын.

12 Бир шекелде жыйырма гер бар, бир минаңар жыйырма шекел, жыйырма беш шекел жана он беш шекел болсун.

13 Силердин төрөгө беришиңер керек болгон алымыңар мындай: бир хомер буудайдан эйфанын алтыдан бир бөлүгү жана бир хомер арпадан эйфанын алтыдан бир бөлүгү.

14 Зайтун майы жөнүндө көрсөтмө: бир кор зайтун майынан баттын ондон бир бөлүгү. Он бат бир хомерди түзөт, анткени бир хомерде он бат бар.

15 Ысрайылдын семиз койлорунун ичинен, эки жүз койдон бир кой бергиле. Аларды тазалоо үчүн, нан курмандыгына, бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка, тынчтык курмандыгына ушулардын бардыгын алып келгиле, – дейт Кудай-Теңир.

16 Бул жердин бүт эли ушул тартууларды Ысрайыл төрөсүнө берүүгө милдетүү.

17 Ал эми төрөнүн милдети – майрамдарда, ай жаңырганда, ишембилерде, Ысрайылдын бардык майрамдарында бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты чалуу, нан курмандыгын тартуулоо, куюлуучу курмандыкты куюу. Ал Ысрайылды тазалоо үчүн, күнөө үчүн чалынуучу курмандыкты чалууга, нан курмандыгын тартуулоого, бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты, тынчтык курмандыгын чалууга милдеттүү".

**Ийбадаткананы тазалоо жана Пасах майрамы жөнүндө**

18 Кудай-Теңир мындай дейт: "Биринчи айдын биринчи күнү кемчиликсиз букачар алып, ыйык жайды тазала.

19 Ыйык кызмат кылуучу күнөө үчүн чалынган бул курмандыктын канынан алып, ийбадаткананын эшиктеринин кашектерине, курмандык чалынуучу жайдын аянтчасынын төрт бурчуна, ички короонун дарбазаларынын кашектерине чачсын.

20 Ушул айдын жетинчи күнү да жаңылыштыктан же билбей күнөө кылгандар үчүн ушундай кылгыла, ийбадаткананы ошентип тазалагыла.

21 Биринчи айдын он төртүнчү күнү силерде жети күндүк Пасах майрамы болсун, ал күндөрү ачыткысыз нан жейсиңер.

22 Ушул күнү төрө өзү үчүн жана бул жердин бүт эли үчүн бир букачарды күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка чалсын.

23 Ушул жети күндүк майрам ичинде ал Теңирге арнап бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка ар күнү кемчиликсиз кочкордон жетини, букачардан жетини, күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка ар күнү бир текеден чалып турууга милдеттүү.

24 Бир букачарга бир эйфа, бир кочкорго бир эйфа нан курмандыгын кошуп, бир эйфа нан курмандыгына бир гин зайтун майын кошуп тартуулоого милдеттүү.

25 Жетинчи айдын он бешинчи күнү, майрам күндөрү, жети күн бою ал ошондой эле курмандыктарды чалышы керек: күнөө үчүн чалынуучу курмандык да, бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык да, нан курмандыгы да, зайтун майы да ошончо болсун".

**46-БӨЛҮМ**

**Төрөлөр жана эл чала турган курмандыктар**

1 Кудай-Теңир мындай дейт: "Ички короонун чыгышты караган дарбазасы алты иш күнү бою бек турушу керек, ал эми ишемби күнү жана ай жаңырган күнү ачык болушу керек.

2 Төрө сырттагы дарбазанын кире бериш бөлмөсү аркылуу кирип, ошол дарбазанын кашектеринин жанында турат. Ыйык кызмат кылуучулар анын бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыгы менен тынчтык курмандыгын чалышат. Ал дарбазанын босогосунун алдында Теңирге таазим кылат, анан сыртка чыгат, дарбазалар болсо кечке чейин ачык турат.

3 Ал жердин эли ишемби күндөрү жана ай жаңырганда, ушул дарбазанын кире бериш жеринде Теңирге таазим кылышат.

4 Төрөнүн ишемби күнү Теңирге арнап чала турган бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыгы кемчиликсиз алты козу жана кемчиликсиз бир кочкор болуш керек.

5 Бир кочкорго бир эйфа нан курмандыгын, ал эми козуларга колунан канча келсе, ошончо, бир эйфа нан курмандыгына бир гин зайтун майын кошуп алып келсин.

6 Ай жаңырган күнү ал кемчилиги жок бир букачар, ошондой эле кемчилиги жок алты козу жана бир кочкор чалсын.

7 Ал бир букачарга бир эйфа, бир кочкорго бир эйфа нан курмандыгын, ал эми козуларга колунан канча келсе, ошончо, бир эйфа нан курмандыгына бир гин зайтун майын кошуп алып келсин.

8 Төрө келгенде, дарбазанын кире бериш бөлмөсү аркылуу кирип, ошол эле жол менен чыксын.

9 Ал жердин эли майрам күндөрү Теңирдин алдына келгенде, табынуу үчүн түндүк дарбазасы аркылуу киргендер түштүк дарбазасы аркылуу чыгышсын, ал эми түштүк дарбазасы аркылуу киргендер түндүк дарбазасы аркылуу чыгышсын. Кирген дарбазасы аркылуу чыкпай, каршысындагы дарбаза аркылуу чыгышсын.

10 Төрө да алардын арасында болушу керек. Алар киргенде, ал да кирсин, алар чыкканда, ал да чыксын.

11 Майрамдарда жана салтанаттуу күндөрдө ал бир букачар үчүн бир эйфа, бир кочкор үчүн бир эйфа нан курмандыгын, ал эми козулар үчүн колунан канча келсе, ошончо, бир эйфа нан курмандыгы үчүн бир гин зайтун майын тартууласын.

12 Эгерде төрө өз каалоосу менен Теңирге арнап бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты же тынчтык курмандыгын чалгысы келсе, анда ага чыгышты караган дарбазаны ачып беришсин. Ал өзүнүн бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыгы менен тынчтык курмандыгын ишемби күнү кандай чалса, ошондой чалат, андан кийин ал сыртка чыгат, ал сыртка чыккандан кийин дарбаза жабылат.

13 Теңирге арналып чалынуучу бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка күн сайын кемчилиги жок бир жылдык козу алып кел. Аны күн сайын эртең менен алып кел.

14 Ал козу менен бирге күн сайын эртең менен эйфанын алтыдан бир бөлүгүнчөлүк нан курмандыгын, майда унду нымдаш үчүн гиндин үчтөн бир бөлүгүнчөлүк зайтун майын алып кел. Теңирге арналып тартууланууучу нан курмандыгы жөнүндөгү өзгөрүлбөс, түбөлүк мыйзам ушундай.

15 Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка козу, нан курмандыгын, зайтун майын күн сайын эртең менен үзбөй чалып турушсун”.

**Төрөгө жана мураска байланыштуу мыйзамдар**

16 Кудай-Теңир мындай дейт: “Эгерде төрө өз уулдарынын ичинен бирөөнө белек бере турган болсо, анда ал анын уулдарынын да мурасы болсун. Бул алардын мурасы болсун.

17 Эгерде ал өзүнүн мурасынан кулдарынын ичинен бирөөнө белек бере турган болсо, анда ал белек ага эркиндикке чыккан жылына чейин гана таандык, андан кийин ал төрөгө кайра кайтат. Анын мурасы өз уулдарына гана өтүшү керек.

18 Бирок төрө элди мураска алган жеринен сүрүп чыгарып, анын мурасынан албашы керек. Менин элимдин ичинен эч ким өз мурасынан куулуп чыкпаш үчүн, ал өзүнүн уулдарына өзүнүн мурасынан гана бере алат"».

**Курмандыктар бышырылуучу жер**

19 Анан ал мени дарбазанын капталындагы жол менен ыйык кызмат кылуучулардын түндүктү караган ыйык бөлмөлөрүнө ээрчитип келди. Ошол жерде, алардын арт жагында, батыш тарабында бир жер бар экен.

20 Анан ал мага: «Ыйык кызмат кылуучулар айып үчүн чалынуучу курмандыкты, күнөө үчүн чалынуучу курмандыкты жана нан курмандыгын бышыра турган жер ушул. Эл ыйыкталып калбаш үчүн, алар бул курмандыктарды сыртка алып чыгышпасын», – деди.

21 Анан ал мени сырткы короого алып чыгып, короонун төрт бурчу менен алып өттү, короонун ар бир бурчунда дагы бирден короо бар экен.

22 Короонун төрт бурчунда узундугу кырк чыканак, туурасы отуз чыканак болгон жабык короолор бар экен. Короонун төрт бурчундагы короолордун ченеми бирдей экен.

23 Ал төрт короону тегерете курчаган дубал бар экен, ал эми дубалдардын түбүндө коломтолор бар экен.

24 Анан ал мага: «Бул – курмандык бышыруучу жер, бул жерде ийбадаткананын кызматчылары элдин курмандыктарын бышырышат», – деди.

**47-БӨЛҮМ**

**Ийбадаткананын астынан агып чыккан суу жөнүндө**

1 Анан ал мени кайрадан ийбадаткананын дарбазасына алып келди. Ийбадаткананын босогосунун астынан чыгышты карай суу агып турат экен. Анткени ийбадаткана чыгышты карап турчу. Суу ийбадаткананын оң жак капталынын астынан чыгып, курмандык чалынуучу жайдын түштүк жагына агат экен.

2 Анан ал мени түндүк дарбазасы аркылуу чыгарып, сырткы жол менен, чыгышты көздөй кеткен жол менен алып өтүп, сырткы дарбазаларга алып келди. Суу ийбадаткананын оң тарабынан агып чыгат экен.

3 Ал адам чыгышты карай басып, колундагы жип менен миң чыканак ченеп, мени суу менен алып жүрдү. Суу кызыл ашыктан эле.

4 Анан дагы миң чыканак ченеп, мени суу менен алып жүрдү. Суу тизеден эле. Анан дагы миң чыканак ченеп, мени алып жүрдү. Суу белден эле.

5 Анан дагы миң чыканак ченеди, ал жерде мен өтө албаган суу бар экен, суу ушунчалык терең болгондуктан, сүзүүгө туура келди, ал сууну кечип өтүү мүмкүн эмес болчу.

6 Ал мага: «Адам уулу, көрдүңбү?» – деди. Анан ал мени кайра суунун жээгине чыгарды.

7 Мен кайра артка келгенимде, суунун жээктеринде, суунун наркы өйүзүндө да, берки өйүзүндө да абдан көп дарак бар экен.

8 Анан ал мага мындай деди: «Бул суу жердин чыгыш тарабына агат, түздүккө түшүп, деңизге куюлат. Ошондо деңиз суусу таза болуп калат.

9 Эки агым кирген жерде деңиздеги ар кандай тирүү жандыктар, сойлоп жүрүүчүлөр тирүү болот. Балык өтө көп болот, анткени бул суу ошол жакка куюлат, ошондо деңиздин суусу таза болуп калат. Бул суу кайда куюлса, ал жерде баары тирүү болот.

10 Анын жээгинде, Эйин-Гедиден тартып Эйин-Эглайымга чейин балыкчылар торлорун салышат. Ал жерде чоң деңиздегидей ар кандай балыктар болот, балыктар ал жерде абдан көп болот.

11 Анын саздары менен чөөттөрү тазаланбайт, алар туз үчүн калтырылат.

12 Суунун жанында, наркы жана берки жээгин бойлото жемиш берүүчү ар түрлүү дарактар өсөт. Алардын жалбырактары куурабайт, алардын жемиштери түгөнбөйт. Ай сайын жаңы жемиш бышып турат, анткени суу алар үчүн ыйык жайдан агып келет. Алардын жемиштери тамак-ашка, ал эми жалбырактары дарылыкка пайдаланылат».

**Жердин чек аралары жөнүндө**

13 Кудай-Теңир мындай дейт: «Силер жерди Ысрайылдын он эки уруусуна мына бул чек аралар боюнча мурас кылып бөлүп аласыңар: Жусупка эки үлүш.

14 Ар бириңер анын бир тууганы катары жерди мураска алгыла, анткени Мен Өзүмдүн колумду көтөрүп, бул жерди силердин ата-бабаларыңарга берем деп убада кылгам, ошондуктан бул жер силердин мурасыңар болот.

15 Бул жердин чек аралары мындай: түндүк чек ара Улуу деңизден баштап, Хетлон аркылуу Седатка карай кеткен жолго чейин;

16 Дамаск жана Хамат чек араларынын ортосундагы Хамат, Бейрот, Сибрайым, Хабран чек арасынын жанындагы Хатсейир-Атикон.

17 Деңизден тартып, Дамаск чек арасынын жанындагы Хатсар-Эйнанга чейин, түндүктө түндүктү карай кеткен Хамат чек арасы. Бул – түндүк чек ара.

18 Ал эми чыгыш чек арасын Хабран менен Дамасктын, Гилат менен Ысрайыл жеринин ортосунан, Иордан бою менен, түндүк чек арадан Чыгыш деңизине чейин белгилегиле. Бул – чыгыш чек ара.

19 Түштүк чек ара түштүк жактагы Тамарадан Кадеш сууларына чейин, агын сууну бойлоп, Улуу деңизге чейин кетет. Бул – түштүк чек ара.

20 Батыш чек ара болсо – Улуу деңиз, түштүк чек арадан Хаматка алып баруучу жолдун каршысындагы жерге чейин. Бул – батыш чек ара.

21 Мына ушул жерди өз ара, Ысрайыл уруулары арасында бөлүп алгыла.

22 Ал жерди өкчөмө таш боюнча өзүңөргө жана араңарда жашап жаткан, силердин жериңерде балалуу болгон чет жерликтерге мурас кылып бөлүп бергиле. Алар Ысрайыл уулдарынын арасында жергиликтүү тургундар катары эсептелишсин: Ысрайыл урууларынын арасында силер менен бирге мурас бөлүп алышсын.

23 Чет жерлик адам кайсы урууда жашаса, ага мурасты ошол уруудан бергиле», – дейт Кудай-Теңир.

**48-БӨЛҮМ**

**Урууларга жер бөлүштүрүү**

1 «Уруулардын аттары мындай: түндүк тараптан, Хетлонду карай кеткен жолдун жанындагы, Хаматка алып баруучу жолдон Дамаск чек арасындагы Хатсар-Эйнанга чейинки, түндүктү карай кеткен Хаматтын жанындагы жерлер, чыгыштан деңизге чейин жаткан ушул жердин баары – Дандын үлүшү.

2 Дандын чек арасына жанаша, чыгыштан батышка чейин жаткан жер – Ашырдын үлүшү.

3 Ашырдын чек арасына жанаша, чыгыштан батышка чейин жаткан жер – Напталынын үлүшү.

4 Напталынын чек арасына жанаша, чыгыштан батышка чейин жаткан жер – Менашенин үлүшү.

5 Менашенин чек арасына жанаша, чыгыштан батышка чейин жаткан жер – Эпрайымдын үлүшү.

6 Эпрайымдын чек арасына жанаша, чыгыштан батышка чейин жаткан жер – Рубейиндин үлүшү.

7 Рубейиндин чек арасына жанаша, чыгыштан батышка чейин жаткан жер – Жүйүттүн үлүшү.

**Ыйык кызмат кылуучулардын үлүшү**

8 Жүйүттүн чек арасына жанаша, чыгыштан батышка чейин жаткан, туурасы жыйырма беш миң таяк, узундугу чыгыштан батышка чейин жаткан башка үлүштөрдүн узундугуна барабар болгон жер – ыйык жер. Анын ортосунда ыйык жай болот.

9 Силердин Теңирге арнай турган жериңердин узундугу жыйырма беш миң, туурасы он миң таяк болот.

10 Түндүктү карай жыйырма беш миң, деңизди карай туурасы он миң, чыгышты карай туурасы он миң, түштүктү карай узундугу жыйырма беш миң таяк болгон бул ыйык жер ыйык кызмат кылуучуларга таандык, анын ортосунда Теңирдин ыйык жайы болот.

11 Аны Садоктун уулдарынан чыккан ыйык кызмат кылуучуларга арнагыла, анткени алар Менин күзөтүмдө турушкан, Ысрайыл уулдары Менден баш тарткан убакта башка лебилердей болуп Менден баш тартышкан эмес.

12 Аларга лебилердин чек арасынын жанындагы ыйыктын ыйыгы болгон ыйык жердин бир бөлүгү таандык.

13 Ошондой эле лебилер да ыйык кызмат кылуучулардын жеринин жанынан узундугу жыйырма беш миң, туурасы он миң таяк жер алышат. Бардыгы болуп узундугу жыйырма беш миң, туурасы он миң таяк жер.

14 Алардын бул үлүштү сатууга да, алмашууга да укугу жок. Жердин бул эң жакшы үлүшү башкаларга өтпөшү керек, анткени бул жер – Теңирдин ыйыгы.

15 Ал эми туурасы беш миң, узундугу жыйырма беш миң таяк болгон калган жер шаар үчүн, жалпы пайдалануу үчүн, отурукташуу үчүн, тегерек-чет үчүн болот. Анын ортосунда шаар болот.

16 Анын өлчөмү мындай: түндүк жагы төрт миң беш жүз, түштүк жагы төрт миң беш жүз, чыгыш жагы төрт миң беш жүз, батыш жагы төрт миң беш жүз таяк.

17 Ал эми шаардын түндүк жагындагы жер эки жүз элүү, чыгыш жагындагы жер эки жүз элүү, түштүк жагындагы жер эки жүз элүү, батыш жагындагы жер эки жүз элүү таяк.

18 Ал эми ыйык жердин чыгыш тарабындагы он миң, батыш тарабындагы он миң таяк жердин түшүмү шаарда иштегендердин азыгы болсун.

19 Шаарда болсо Ысрайылдын бардык урууларынан чыккан жумушчулар иштей алышат.

20 Туурасы жыйырма беш миң, узундугу жыйырма беш миң таяк болгон, төрт бурчтуу, өзүнчө бөлүнгөн жерди шаар ээлеген жер менен кошо ыйык жер үчүн бөлүп койгула.

21 Ал эми калган жер – ыйык жерден тышкаркы, шаар ээлеген жерден тышкаркы жер төрөгө таандык. Төрөнүн үлүшүнө ыйык жердин батыш тарабынан батыш чек арага чейинки жыйырма беш миң таяк жер жана ыйык жердин чыгыш тарабынан чыгыш чек арага чейинки жыйырма беш миң таяк жер таандык. Ыйык жер менен ыйык жай анын ортосунда болот.

22 Ошондой эле лебилердин үлүшү менен шаар ээлеген жердин ортосундагы калган жер да төрөгө таандык. Жүйүттүн чек арасы менен Бенжеминдин чек арасынын ортосундагы жер да төрөгө таандык.

**Башка уруулардын жери**

23 Уруулардан калган, чыгыштан батышка чейин жаткан жер – Бенжеминдин үлүшү.

24 Бенжеминдин чек арасына жанаша, чыгыштан батышка чейин жаткан жер – Шымондун үлүшү.

25 Шымондун чек арасына жанаша, чыгыштан батышка чейин жаткан жер – Исахардын үлүшү.

26 Исахардын чек арасына жанаша, чыгыштан батышка чейин жаткан жер – Забулундун үлүшү.

27 Забулундун чек арасына жанаша, чыгыштан батышка чейин жаткан жер – Гаттын үлүшү.

28 Түштүк чек ара Гаттын чек арасынын жанынан, түштүк тараптан өтүп, Тамарадан Кадеш сууларына чейин, сууну бойлоп, Улуу деңизге чейин кетет.

29 Ысрайыл урууларынын өкчөмө таш боюнча бөлүп ала турган жери ушул, алардын үлүштөрү ушулар», – дейт Кудай-Теңир.

**Иерусалимдин дарбазалары жөнүндө**

30 «Шаардан сыртка чыгуучу жерлер булар: түндүк жагынан узундугу төрт миң беш жүз ченем.

31 Шаардын дарбазалары Ысрайыл урууларынын ысымдары менен аталат. Түндүк жагында үч дарбаза: Рубейин дарбазасы, Жүйүт дарбазасы, Леби дарбазасы.

32 Чыгыш жагынан төрт миң беш жүз ченем, үч дарбаза: Жусуп дарбазасы, Бенжемин дарбазасы, Дан дарбазасы.

33 Түштүк жагынан да төрт миң беш жүз ченем, үч дарбаза: Шымон дарбазасы, Исахар дарбазасы, Забулун дарбазасы.

34 Деңиз тарабынан да төрт миң беш жүз ченем, үч дарбаза: Гат дарбазасы, Ашыр дарбазасы, Напталы дарбазасы.

35 Тегерете бардыгы болуп он сегиз миң ченем. Ошол күндөн баштап шаардын аты “Теңир ошол жерде” болот».

**ДАНИЕЛ**

**1-БӨЛҮМ**

**Небухаданасардын падыша сарайында**

1 Жүйүт падышасы Жайакимдин падышачылыгынын үчүнчү жылында Бабыл падышасы Небухаданасар Иерусалимге келип, аны курчап алды.

2 Ошондо Теңир анын колуна Кудай үйүнүн идиштеринин бир бөлүгүн жана Жүйүт падышасы Жайакимди берди. Небухаданасар аларды Шинар жерине, өз кудайынын үйүнө жөнөттү. Ал идиштерди өз кудайынын казынасына киргизди.

3 Анан падыша эбнухтардын башчысы Ашпеназга Ысрайыл уулдарынын ичинен, падыша жана төрө тукумунан,

4 денесинде эч кандай кемчилиги жок, келишимдүү, ар тараптуу билими бар, илимди түшүнө билген, зээндүү, падыша сарайында кызмат кылууга жарактуу өспүрүмдөрдү алып келүүнү, аларга каздим тилин жана жазуусун үйрөтүүнү буйруду.

5 Падыша аларга күн сайын өз дасторконундагы тамактан жана өзү ичип жүргөн шараптан берип турууну дайындады, аларды үч жыл окутууну буйруду, үч жыл өткөндөн кийин алар падыша алдына келүүгө тийиш эле.

6 Алардын арасында Жүйүт уулдары Даниел, Ханания, Мишаел жана Азария бар эле.

7 Эбнухтардын башчысы аларга башка ат койду: Даниелге Белтешатсар, Ханинияга Шадрах, Мишаелге Мейшах жана Азарияга Абет-Него.

8 Даниел өз жүрөгүндө падыша дасторконундагы тамак менен, падыша ичкен шарап менен булганбоону чечип койду. Ошондуктан ал булганбаш үчүн, эбнухтардын башчысынан уруксат сурады.

9 Кудай эбнухтардын башчысына Даниелге карата ырайым жана сүйүү берди.

10 Эбнухтардын башчысы Даниелге: «Мен өзүмдүн мырзам падышадан корком, силерге тамак менен шарапты падыша өзү дайындаган. Өзүңөр куракту өспүрүмдөрдөн айырмаланып, өңүңөрдүн азыңкы экенин падыша көрсө, анда мен падыша алдында айыптуу болуп калам», – деди.

11 Ошондо Даниелдин, Хананиянын, Мишаелдин жана Азариянын үстүнөн эбнухтардын башчысы көзөмөлдөөчү кылып койгон Амелсарга Даниел мындай деди:

12 «Кулдарыңа байкоо жүргүз: он күн бою бизге жегенге жашылча, ичкенге суу берип турушсун.

13 Ошондон кийин биздин өңүбүздү жана падыша тамагынан тамактанган өспүрүмдөрдүн өңүн көр, анан кулдарыңа өзүңдүн көргөнүңө жараша кыл».

14 Амелсар алардын бул айтканына макул болуп, аларга он күн байкоо жүргүздү.

15 Он күн өткөндөн кийин алар падыша дасторконунан тамактанган бардык өспүрүмдөргө караганда келишимдүү, келбеттүү болуп калышты.

16 Ошондо Амелсар аларга дайындалган тамак менен шараптын ордуна аларга жашылча берип турду.

17 Кудай ал төрт өспүрүмгө ар кандай китептерди жана акылмандыкты түшүнө билүү үчүн билим жана акыл берди. Даниелге болсо, андан тышкары, ар кандай көрүнүштөрдү жана түштөрдү түшүнө билүү жөндөмдүүлүгүн берди.

18 Белгиленген жылдар өткөндөн кийин, падыша аларды алып келүүнү буйруду, эбнухтардын башчысы аларды Небухаданасардын алдына алып келди.

19 Падыша алар менен сүйлөштү. Бардык өспүрүмдөрдүн ичинен Даниелге, Хананияга, Мишаелге жана Азарияга тең келген эч ким болгон жок. Ошондон тартып алар падыша алдында кызмат кыла башташты.

20 Падыша акылмандык талап кылынган нерселер боюнча алардан эмнени гана сурабасын, алар терең акылмандык көрсөтүштү. Ошондо падыша алардын өзүнүн бүт падышачылыгындагы жашыруун сырларды билүүчүлөр менен сыйкырчылардан он эсе жогору турарын билди.

21 Даниел ал жерде падыша Кореште падышачылыгынын биринчи жылына чейин болду.

**2-БӨЛҮМ**

**Небухаданасардын түшү**

1 Небухаданасар өзүнүн падышачылыгынын экинчи жылында түш көрдү. Ошондо анын тынчы кетти, түшү эсинен чыгып кетти.

2 Ошондо падыша өзүнүн түшүн айттырыш үчүн, жашыруун сырларды билүүчүлөрдү, төлгөчүлөрдү, сыйкырчыларды жана каздимдерди чакырууну буйруду. Алар келип, падыша алдында турушту.

3 Падыша аларга: «Мен түш көрдүм, бул түштүн маанисин билгим келип, тынчым кетип жатат», – деди.

4 Каздимдер падышага арамей тилинде: «Падыша! Түбөлүк жаша! Түшүңдү кулдарыңа айт, ошондо биз анын маанисин түшүндүрүп беребиз», – дешти.

5 Падыша каздимдерге мындай деп жооп кылды: «Мен айткан сөз өзгөрүлбөйт: эгерде силер мага түштү жана анын маанисин айтып бербесеңер, анда силерди бөлө чаап, үйүңөрдү урандыга айландырышат.

6 Эгерде түштү жана анын маанисин айтып берсеңер, анда менден белек жана сыйлык аласыңар, силерге чоң сый көрсөтүлөт. Ошондуктан мага түштү жана анын маанисин айтып бергиле».

7 Алар экинчи жолу: «Падыша өзүнүн кулдарына түшүн айтсын, ошондо биз анын маанисин түшүндүрүп беребиз», – деп жооп беришти.

8 Ошондо падыша аларга: «Менин сөзүмдүн өзгөрүлбөстүгүн билгендиктен, убакытты уткуңар келип жатканын билип эле турам.

9 Мага түштү айтпай жатканыңардын себеби – бир жаман оюңар бар: убакытты өткөрүп, мага жалганды, калпты айткыны жатасыңар. Түшүмдү айтып бергиле, ошондо мен силердин анын маанисин да айтып бере аларыңарды билем», – деди.

10 Каздимдер падышага мындай деп жооп беришти: «Бул ишти падышага ачып бере ала турган адам жер жүзүндө жок, ошондуктан улуу жана кудуреттүү болгон бир да падыша буга окшогон ишти бир да жашыруун сырларды билүүчүдөн, бир да сыйкырчыдан, бир да төлгөчүдөн жана бир да каздимден талап кылган эмес.

11 Падыша талап кылып жаткан бул иш ушунчалык кыйын болгондуктан, аны падышага адамдар менен жашабаган кудайлардан башка эч ким ачып бере албайт».

12 Буга падыша аябай каарданып, аябай ачууланып, Бабылдын бардык акылмандарын кырып салууну буйрук кылды.

13 Акылмандарды өлтүрүү жөнүндөгү бул буйрук чыкканда, Даниелди жана анын жолдошторун да өлтүрүү үчүн издешти.

**Кудайдын Даниелге түштүн маанисин ачып бериши**

14 Ошондо Даниел Бабыл акылмандарын өлтүргөнү чыккан падыша сакчыларынын башчысы Ариохко акылмандык жана билгичтик менен кайрылды.

15 Ал падышанын башкы кызматчысы Ариохтон: «Эмне үчүн падыша ушундай катуу буйрук чыгарды?» – деп сурады. Ариох Даниелге бардык ишти айтып берди.

16 Даниел падышага кирип, түштүн маанисин билүүгө убакыт сурады.

17 Анан Даниел үйүнө келип, өзүнүн жолдоштору Ханանияга, Мишаелге жана Азарияга болгон ишти айтып берди.

18 Бабылдын башка акылмандары менен кошо өлүп калбаш үчүн, асмандагы Кудай ырайым кылып, бул сырды ачып берүүсүн өтүнгүлө деп, Даниел жолдошторуна кайрылды.

19 Ошондо бул жашыруун сыр Даниелге түнкү көрүнүштө ачылды, Даниел асмандагы Кудайды даңктады.

20 Даниел мындай деди: «Теңирдин ысымы кылымдан кылымга даңкталсын, анткени акылмандык менен күч Ага таандык.

21 Ал мезгилдер менен жылдарды өзгөртөт, падышаларды кулатат, падышаларды коёт, акылдууларга акылмандык, түшүнө ала тургандарга билим берет.

22 Ал терең жана жашыруун сырларды ачат, караңгылыкта эмне бар экенин билет, жарык Аны менен жашайт.

23 Ата-бабаларымдын Кудайы, Сен мага акылмандык жана күч бергениң үчүн, биз Сенден эмне жөнүндө сурасак, ошону мага ачып бергениң үчүн, Сени даңктайм жана даңазалайм, анткени Сен бизге падышанын ишин ачып бердиң».

**Даниелдин түштүн маанисин чечмелеп бериши**

24 Ошондон кийин Даниел падышадан Бабылдын акылмандарын өлтүрүү жөнүндө буйрук алган Ариохко келип: «Бабылдын акылмандарын өлтүрбө. Мени падышага алып бар, мен ага түштүн маанисин ачып берем», – деди.

25 Ошондо Ариох Даниелди падышага дароо алып келип, ага: «Мен Жүйүттүн туткунда жүргөн уулдарынын ичинен падышага түштүн маанисин ачып бере ала турган бир адамды таптым», – деди.

26 Падыша Белтешатсар деген да ысымы бар Даниелден: «Сен мага мен көргөн түштү жана анын маанисин айтып бере аласыңбы?» – деп сурады.

27 Даниел падышага мындай деп жооп берди: «Падыша сурап жаткан сырды падышага акылмандар да, көз боёочулар да, жашыруун сырларды билүүчүлөр да, төлгөчүлөр да ачып бере алышпайт.

28 Бирок асманда жашыруун сырларды ача турган Кудай бар. Ал акыркы күндөрдө эмне болорун Небухаданасар падышага ачып берди. Сен көргөн түш – төшөгүңдө жатып көргөн көрүнүш мындай:

29 сен, падыша, төшөгүңдө жатып, мындан ары эмне болот деп ойлодуң. Ошондо сырларды Ачуучу эмне боло тургандыгын сага көрсөттү.

30 Бирок бул сыр мага жер жүзүндө жашаган бардык адамдардан акылдуу болгондугум үчүн ачылган жок. Бул сыр мага падышага түшүнүк бериш үчүн, сен өзүңдүн жүрөгүңдөгү ойлоруңду билишиң үчүн ачылды.

31 Сен, падышам, мындай көрүнүш көрдүң: алдыңда бир чоң буркан турганын көрдүң, ал буркан эбегейсиз чоң эле. Ал аябай жаркырап, сенин алдыңда турду, анын көрүнүшү коркунучтуу эле.

32 Ал буркандын башы таза алтындан, көкүрөгү менен колдору күмүштөн, курсагы менен сандары жезден эле.

33 Анын шыйрактары темирден, тамандарынын бир бөлүгү темирден, бир бөлүгү чоподон эле.

34 Сен карап турганда, колдун жардамысыз эле тоодон бир чоң таш учуп келип, бурканга, анын темир жана чопо буттарына бир тийип, аларды талкалап салды.

35 Ошондо темир, чопо, жез, күмүш жана алтындын баары талкаланып, жайкы кырмандагы топондой болуп калды, аларды шамал учуруп кетти, алардын изи да калган жок. Бурканды талкалаган таш болсо чоң тоого айланып, бүт жерди ээледи.

36 Сен ушундай түш көрдүң! Падыша алдында анын маанисин да айтып беребиз.

37 Сен, падыша, падышалардын падышасысың. Асмандагы Кудай сага падышачылык, бийлик, күч-кубат жана атак-даңк берген.

38 Кайсы жерде гана жашабасын, бардык адамдарды, жердеги жаныбарлар менен асмандагы канаттууларды Ал сенин колуңа берип, сени алардын баарынын үстүнөн падыша койгон, алтындан жасалган ошол баш сенсиң!

39 Сенден кийин сенин падышачылыгыңдан төмөн болгон башка падышачылык келет, андан кийин бүт жер жүзүнө үстөмдүк кыла турган үчүнчү падышачылык – жез падышачылыгы келет.

40 Төртүнчү падышачылык болсо темирдей катуу болот. Анткени темир бардыгын талкалап бүлүнткөндөй эле, ал да бардыгын кыйратуучу темирдей болуп талкалап бүлүнтөт.

41 Сен көргөн буттар жана бир бөлүгү чопо, бир бөлүгү темир болгон буттардын манжалары падышачылыктын бөлүнөрүн билдирет, ал падышачылыкта темирдин анча-мынча күчү калат, анткени сен чопо менен аралашкан темирди көрдүң.

42 Буттардын манжаларынын бир бөлүгү чоподон, бир бөлүгү темирден тургандыгы падышачылыктын жарымы бекем, жарымы борпоң болорун билдирет.

43 Ал эми чопо менен аралашкан темирди көргөнүң алардын адам тукуму аркылуу аралашарын билдирет, бирок темир чопо менен аралашпагандай эле, алар бири-бири менен бирикпейт.

44 Ошол падышачылыктардын убагында асмандагы Кудай түбөлүк кыйрабай турган бир падышачылыкты орнотот, ал падышачылык башка элге берилбейт. Ал бүт падышачылыктарды кыйратат, талкалайт, өзү болсо түбөлүк турат.

45 Тоодон таш колдун жардамысыз эле учуп келип, темирди, жезди, чопону, күмүштү жана алтынды талкалаганын көрдүң. Кудуреттүү Кудай мындан ары эмне болорун падышага билдирди. Бул түш чындык, анын чечмелениши туура!»

**Даниелдин жогорку кызматка коюлушу**

46 Ошондо Небухаданасар падыша жүзтөмөндөп жыгылып, Даниелге таазим кылып, ага белектерди жана жыпар жыттуу заттарды алып келгиле деп буйрук кылды.

47 Анан падыша Даниелге: «Чыны менен эле, силердин Кудайыңар – кудайлардын Кудайы, сен бул жашыруун сырды ача алгандан кийин, силердин Кудайыңар – жашыруун сырларды ачкан падышалардын Эгедери!» – деди.

48 Ошондо падыша Даниелди жогорку кызматка койду, ага көптөгөн чоң белектерди берди, аны Бабылдын бардык дубандарына башчы, Бабылдын бардык акылмандарына эң башкы башчы кылып койду.

49 Бирок Даниел падышадан өтүнгөндүктөн, ал Бабыл өлкөсүнүн иштерин башкарууга Шадрахты, Мейшахты жана Абет-Негону койду. Даниел болсо падыша сарайында калды.

**3-БӨЛҮМ**

**Небухаданасардын буйругу**

1 Небухаданасар падыша бийиктиги алтымыш чыканак, туурасы алты чыканак болгон алтын буркан жасап, аны Бабыл өлкөсүндөгү Дур талаасына койду.

2 Анан Небухаданасар падыша орноткон буркандын салтанаттуу ачылышына келишсин деп, падыша Небухаданасар жергиликтүү төрөлөрдү, жогорку бийликтегилерди, аскер башчыларды, жогорку сотторду, казына кармоочуларды, мыйзам чыгаруучуларды, сотторду жана бүт дубан башчыларын чогултканга киши жиберди.

3 Жергиликтүү төрөлөр, жогорку бийликтегилер, аскер башчылар, жогорку соттор, казына кармоочулар, мыйзам чыгаруучулар, соттор жана бүт дубан башчылары падыша Небухаданасар орноткон бурканды ачылышына чогулуп, Небухаданасар орноткон буркандын алдында турушту.

4 Ошондо жар салуучу катуу үн менен мындай деп жарыя кылды: «Элдер, уруулар жана улуттар, силерге жарыя кылынат:

5 Сурнайдын, чоордун, лиранын, арфанын, гуслинин, волынканын жана башка ар кандай музыкалык аспаптардын үнүн угарыңар менен, Небухаданасар падыша орноткон алтын бурканга таазим кылгыла.

6 Ким жыгылып таазим кылбаса, ал ошол замат жалындап күйүп турган мешке ыргытылат».

7 Ошондуктан бардык элдер, уруулар жана улуттар сурнайдын, чоордун, лиранын, арфанын, гуслинин жана башка ар кандай музыкалык аспаптардын үнүн угушары менен, Небухаданасар падыша орноткон алтын бурканга таазим кылышты.

**Үч еврей уландын бурканга таазим кылуудан баш тартышы**

8 Дал ушул убакта каздимдерден бир нече киши келип, жүйүттөрдү жамандашты.

9 Алар Небухаданасар падышага мындай дешти: «Падыша, түбөлүк жаша!

10 Падыша, сен сурнайдын, чоордун, лиранын, арфанын, гуслинин, волынканын жана башка ар кандай музыкалык аспаптардын үнүн уккан ар бир адам алтын бурканга жыгылып таазим кылсын,

11 ким жыгылып таазим кылбаса, ал жалындап күйүп турган мешке ыргытылсын деген буйрук бергенсиң.

12 Падыша, сенин буйругуңа баш ийбеген адамдар бар. Алар – Бабыл өлкөсүнүн иштерин башкарууга өзүң койгон Шадрах, Мейшах жана Абет-Него деген Жүйүт эркектери. Алар сенин кудайларыңа кызмат кылбай, өзүң орноткон алтын бурканга табынбай жатышат».

13 Ошондо Небухаданасар ачууланып, каарданып, Шадрахты, Мейшахты жана Абет-Негону алып келүүнү буйрук кылды. Аларды падышага алып келишти.

14 Небухаданасар аларга мындай деди: «Шадрах, Мейшах, Абет-Него, менин кудайларыма кызмат кылбай, мен орноткон алтын бурканга таазим кылбай жатканыңар чынбы?

15 Ушул убакыттан тартып, эгерде силер даяр болсоңор, сурнайдын, чоордун, лиранын, арфанын, гуслинин, волынканын жана башка ар кандай музыкалык аспаптардын үнүн угарыңар менен жыгылып, мен жасаган бурканга табынгыла. Эгерде табынбасаңар, анда ошол замат жалындап күйүп турган мешке ыргытыласыңар, ошондо силерди менин колумдан кайсы Кудай куткарат?»

16 Ошондо Шадрах, Мейшах жана Абет-Него Небухаданасар падышага мындай дешти: «Сенин бул сурооңо жооп берүүнүн зарылчылыгы жок.

17 Биз кызмат кылып жаткан Кудайыбыз бизди жалындап күйүп турган мештен куткара алат, падыша, Ал сенин колуңдан да куткарат.

18 Андай болбогон учурда да, падыша, сага маалым болсун, биз сенин кудайларыңа кызмат кылбайбыз, сен орноткон алтын бурканга табынбайбыз».

**Жалындап күйүп турган мештин аларга эч кандай зыян келтирбегендиги**

19 Ошондо Небухаданасар катуу каарданып, Шадрахка, Мейшахка жана Абет-Негого каардана карады. Анан ал мешти демейдегиден жети эсе катуу жагууну буйрук кылды.

20 Анан өзүнүн аскерлеринин эң күчтүүлөрүнө Шадрахты, Мейшахты жана Абет-Негону байлап, жалындап күйүп турган мешке ыргытууну буйрук кылды.

21 Ошондо алар бул үчөөнү байлап, ички-тышкы кийимдери, башындагы чалмалары менен жалындап күйүп турган мешке ыргытышты.

22 Падышанын катуу буйругу боюнча мештеги от алоолонто жагылгандыктан, Шадрахты, Мейшахты жана Абет-Негону ыргыткан адамдар оттун жалынынан өлүштү.

23 Ал эми Шадрах, Мейшах жана Абет-Него үчөө байланган бойдон жалындап күйүп турган мештеги отко кулашты.

24 Небухаданасар падыша таң калып, шашылыш тура калып, төрөлөрүнөн: «Биз отко байланган үч адамды ыргыттык беле?» – деп сурады. Алар падышага: «Ооба, падыша!» – деп жооп беришти.

25 Буга ал: «Мен байланбаган төрт адамды көрүп турам, алар оттун ичинде басып жүрүшөт, эч кандай зыян тартышпаптыр. Төртүнчүсү Кудайдын Уулуна окшош экен», – деди.

26 Ошондо Небухаданасар жалындап күйүп турган мештин оозуна келип: «Шадрах, Мейшах, Абет-Него, баарынан жогору турган Кудайдын кулдары! Мештен чыккыла, бери келгиле!» – деди. Ошондо Шадрах, Мейшах жана Абет-Него от ичинен чыгышты.

27 Жергиликтүү төрөлөр, жогорку бийликтегилер, аскер башчылар, падыша кеңешчилери чогулуп, аларды карап чыгып, алардын денесине от зыян келтирбегенин, башындагы чачтары күйбөгөнүн, кийимдери өзгөрбөгөнүн, ал турсун, алардан оттун жыты да келбегенин көрүштү.

28 Ошондо Небухаданасар мындай деди: «Шадрахтын, Мейшахтын жана Абет-Негонун Кудайына даңк! Ал Өзүнүн периштесин жиберип, Өзүнө таянган, падышанын буйругуна баш ийбеген, өздөрүнүн Кудайынан башка кудайга кызмат кылбаш үчүн, табынбаш үчүн, денелерин отко берген Өзүнүн кулдарын куткарып алды.

29 Ошондуктан мен мындай буйрук берем: Бардык элдердин, урууларлын жана улуттардын ичинен ким Шадрахтын, Мейшахтын жана Абет-Негонун Кудайына акарат келтирсе, аны бөлө чаап, үйүн урандыга айландырышат, анткени ушинтип куткара алган башка Кудай жок».

30 Ошондон кийин падыша Бабыл өлкөсүндө Шадрахты, Мейшахты жана Абет-Негону жогорку кызматка койду.

31 Небухаданасар падыша жер жүзүндө жашаган бардык элдерге, урууларга жана улуттарга мындай деди: «Силерде тынчтык көбөйсүн!

32 Баарынан жогору турган Кудайдын мага көрсөткөн жышаандары менен кереметтерин силерге жарыя кылууну туура таптым.

33 Анын жышаандары кандай улуу! Анын кереметтери кандай кудуреттүү! Анын падышачылыгы – түбөлүк падышачылык, Анын бийлиги кылымдан кылымга!

**4-БӨЛҮМ**

**Небухаданасардын экинчи түшү**

1 Мен, Небухаданасар, өз үйүмдө, падыша сарайымда тынч жашап, чоң ийгиликтерге жетиштим.

2 Бирок мен мени коркуткан бир түш көрдүм. Төшөгүмдө жатып ойлогон ойлорум, көргөн көрүнүштөрүм тынчымды алды.

3 Ошондо мага түштүн маанисин айтып беришсин деп, Бабылдын бардык акылмандарын алып келүүнү буйрук кылдым.

4 Ошондо жашыруун сырларды билүүчүлөр, сыйкырчылар, каздимдер жана төлгөчүлөр келишти. Мен аларга түшүмдү айтып бердим, бирок алар мага анын маанисин түшүндүрүп бере алышкан жок.

5 Акырында, мага кудайымдын атынан Белтешатсар деген ат коюлган, ичинде ыйык Кудайдын Руху бар Даниел келди. Мен ага түшүмдү айтып бердим.

6 "Белтешатсар, акылмандардын башчысы! Сенде ыйык Кудайдын Руху бар экенин, эч кандай жашыруун сыр сен үчүн кыйын эмес экенин билем, мага көргөн түшүмдү жана анын маанисин айтып бер.

7 Төшөгүмдө жатканда көргөн көрүнүштөр мындай эле: түшүмдө жер ортосунда өтө бийик бир дарак турганын көрдүм.

8 Ал дарак чоң жана бекем эле, анын бийиктиги асманга жетип, бүт жер жүзүнүн учу-кыйырына чейин көрүнүп турду.

9 Анын жалбырактары кооз, жемиши мол эле. Анда бардыгы үчүн азык бар эле. Анын түбүнө талаа жырткычтары көлөкөлөп, бутактарына канаттуулар уялашат экен, андан бардык тирүү жандар тамактанып турушат экен.

10 Мен төшөгүмдө жатканда көргөн көрүнүштө муну көрдүм: асмандан Уктабай Карап Туруучу, Ыйык, түшүп келди.

11 Ал катуу кыйкырып, мындай деди: «Бул даракты кыйып салгыла, бутактарын бутап салгыла, жалбырактарын күбүп салгыла, жемиштерин чачып жибергиле. Анын түбүндөгү жырткычтар, бутактарындагы канаттуулар кетсин.

12 Бирок анын негизги тамырын жерде калтыргыла, ага темир жана жез кишен салынсын, талаа чөптөрүнүн арасында асман шүүдүрүмү менен сугарылсын. Ал жаныбарлар менен бирге талаа чөптөрүн жесин.

13 Андан адамдын жүрөгү алынып, жырткычтын жүрөгү салынсын, анын үстүнөн жети мезгил өтсүн.

14 Бул Уктабай Карап Туруучулардын буйругу менен чечилди, Ыйыктардын өкүмү менен белгиленди. Ошондуктан жер жүзүндө жашагандардын баары адамзат падышачылыктарынын үстүнөн Баарынан Жогору Турган бийлик кыларын, падышачылыкты Өзү кимге каалаcа, ошого берерин жана ага кемсинтилген адамды коёрун билишсин»".

15 Мен, Небухаданасар падыша, ушундай түш көрдүм. Ал эми сен, Белтешатсар, анын маанисин түшүндүрүп бер, анткени менин падышачылыгымдагы акылмандардын ичинен эч ким анын маанисин түшүндүрүп бере алган жок, бирок сен түшүндүрүп бере аласың, анткени сенде ыйык Кудайдын Руху бар».

**Даниелдин экинчи түштү чечмелеп бериши**

16 Ошондо Белтешатсар деген да ысымы бар Даниел бир саатка жакын таң калып турду, ойлору тынчын алды. Падыша ага: «Белтешатсар! Бул түш жана анын мааниси сенин тынчыңды албасын», – деди. Белтешатсар мындай деп жооп берди: «Мырзам! Бул түш сени жек көргөндөрдүн түшүнө кирсе гана! Мунун мааниси душмандарыңа болсо гана!

17 Сен көргөн чоң жана бекем, бийиктиги асманга жеткен, жердин учу-кыйырына көрүнүп турган,

18 жалбырактары кооз, жемиши мол, бардыгы үчүн азыгы бар, түбүндө талаа жырткычтары жашаган, бутактарында асман канаттуулары уялаган дарак –

19 бул атак-даңкка ээ болгон, күч-кубаттуу, атак-даңкың алыска кетип, асманга чейин жеткен, бийлигиң жердин учу-кыйырына жеткен падыша сенсиң.

20 Ал эми падышанын асмандан түшүп келе жаткан Уктабай Карап Туруучуну, Ыйыкты, көрүп, Анын: "Даракты кыйып салгыла, аны жок кылгыла, анын жердеги негизги тамырын гана калтыргыла, ага темир жана жез кишен салынсын, талаа чөптөрүнүн арасында асман шүүдүрүмү менен сугарылсын, анын үстүнөн белгиленген жети мезгил өткөнчө, ал талаа жырткычтары менен болсун", – деп айтканын укканы,

21 падыша, анын мааниси, Бардыгынан Жогору Тургандын мырзам падышага чыгарган өкүмү мындай:

22 Сени адамдардан бөлүп салышат, сен талаа жырткычтары менен жашайсың, сени өгүзгө окшотуп чөп менен багышат, асман шүүдүрүмү менен сугарыласың, адамзат падышачылыгына Бардыгынан Жогору Турган бийлик кыларын жана аны кимге кааласа, ошого берерин сен түшүнгөнчө, сенин үстүңөн жети мезгил өтөт.

23 Ал эми дарактын негизги тамырын калтырууга буйрук берилгени муну билдирет: сен асман бийлигин таанып билгенден кийин, падышачылыгың өзүңдө калат.

24 Ошондуктан, падыша, сага берген кеңешимди кабыл ал: күнөөлөрүңдү адилеттүүлүк кылуу менен, мыйзамсыздыгыңды кембагалдарга боорукердик кылуу менен жуу, ошондо сенин тынчтыгың уланат».

25 Ушунун бардыгы Небухаданасар падышанын башына келди.

26 Он эки ай өткөндөн кийин, Бабылдагы падыша сарайында ары-бери басып жүргөн падыша мындай деди:

27 «Падыша шаары болсун деп, даңкым үчүн өз кудуретим менен курган улуу Бабыл ушул эмеспи!»

28 Падыша бул сөздү айтып бүтө электе эле, асмандан үн угулду: «Сага айтылып жатат, Небухаданасар падыша, сенден падышачылык бийлик алынды!

29 Сени адамдардан бөлүп салышат, талаа жырткычтары менен жашайсың, сени өгүзгө окшотуп чөп менен багышат, адамзат падышачылыгына Бардыгынан Жогору Турган бийлик кыларын, аны кимге кааласа, ошого берерин сен түшүнгөнчө, сенин үстүңөн жети мезгил өтөт!»

30 Небухаданасар жөнүндө айтылган бул сөз ошол замат орундалды, аны адамдардан бөлүп салышты, ал өгүзгө окшоп чөп жеди, анын денеси асман шүүдүрүмү менен сугарылып турду, чачтары арстандыкындай, тырмактары куштукундай болуп өстү.

31 «Бул күндөр өткөндөн кийин, мен, Небухаданасар, асманды карадым, ошол учурда акыл-эсим өзүмө кайтып келди. Ошондо мен Бардыгынан Жогору Турганды даңктадым, Түбөлүк Жашоочуну даңазаладым. Анын бийлиги – түбөлүк бийлик, падышачылыгы – кылымдан кылымга!

32 Жерде жашагандын бардыгы эч нерсеге арзыбайт. Ал асман кошуундарында да, жерде жашагандардын арасында да Өз эркин ишке ашырат. Анын колуна каршы чыгып, Ага: "Сен эмне кылдың?" – деп айта ала турган эч ким жок.

33 Ошол учурда менин акыл-эсим өзүмө кайтып келди, өз падышачылыгымдын даңкы үчүн өз улуулугум жана мурунку көрүнүшүм кайтып келди. Ошондо кеңешчилерим менен төрөлөрүм мени издеп табышты, мен падышачылык тагыма кайрадан отургузулдум, атак-даңкым мурдагыдан да артты.

34 Азыр мен, Небухаданасар, Асмандагы Падышаны даңктаймын, мактаймын, даңазалаймын. Анын бардык иштери – чындык, жолдору адилет, текеберлерди моюн сундурууга Анын күчү жетет».

**5-БӨЛҮМ**

**Белшатсардын той өткөрүшү**

1 Белшатсар падыша өзүнүн миңдеген төрөлөрүнө чоң той өткөрүп, миңдеген адамдардын алдында шарап ичип отурду.

2 Ал шарап ичип алып, атасы Небухаданасар Иерусалимдеги ийбадатканадан падыша, падышанын төрөлөрү, аялдары жана күңдөрү шарап ичиши үчүн алып чыккан алтын-күмүш идиштерди алып келүүнү буйруду.

3 Ошондо Иерусалимдеги Кудай үйүнүн ыйык бөлмөсүнөн алынган алтын идиштерди алып келишти. Падыша, анын төрөлөрү, аялдары жана күңдөрү ал идиштер менен шарап ичип жатышты.

4 Шарап ичип алып, алтындан жана күмүштөн, жезден жана темирден, жыгачтан жана таштан жасалган кудайларды даңктап жатышты.

5 Так ошол саатта адам колу чыгып, падыша сарайындагы, чырактандын маңдайындагы акталган дубалга жазды. Падыша дубалга жазып жаткан колдун манжасын көрдү.

6 Ошондо падышанын өңү бузулуп кетти. Ойлору тынчын алды, белинин муундары бошоду, тизелери титиреп, бири-бирине урунду.

7 Сыйкырчыларды, каздимдерди жана төлгөчүлөрдү алып келгиле деп, падыша катуу кыйкырды. Анан падыша Бабылдын даанышмандарына: «Ким бул жазууну окуп, мага анын маанисин түшүндүрүп берсе, ага кочкул кызыл чапан кийгизилет, мойнуна алтын чынжыр тагылат, падышачылыкта үчүнчү өкүмдар болот», – деди.

8 Ошондо падышанын бардык акылмандары киришти, бирок жазылган сөздөрдү окуй албай коюшту жана алардын маанисин падышага түшүндүрүп бере албай коюшту.

9 Белшатсар падыша аябай тынчсызданды, анын өңү бузулду, анын төрөлөрүнүн да тынчы кетти.

10 Падышанын энеси падышанын жана анын төрөлөрүнүн сөздөрүн угуп, той болуп жаткан үйгө кирди. Падышанын энеси сөз баштап, мындай деди: «Падыша, түбөлүк жаша! Ойлоруң тынчыңды албасын, өңүң да бузулбасын.

11 Сенин падышачылыгыңда ыйык Кудайдын руху бар бир адам бар. Атаңдын убагында ал адамда жарык, акыл, кудайлардын акылмандыгындай акылмандык бар экени билинген. Ошондо Небухаданасар падыша, сенин атаң, аны жашыруун сырларды билүүчүлөрдүн, сыйкырчылардын, каздимдердин жана төлгөчүлөрдүн башчысы кылып койгон, аны атаң, падыша, өзү койгон.

12 Анткени ал адамда, падыша өзү Белтешатсар деп ат койгон Даниелде, өзгөчө рух, билим жана түштөрдү чечмелей ала турган, табышмактарды таба ала турган, жашыруун сырларды ача ала турган акылмандык бар болуп чыккан. Ошондуктан Даниелди чакырып келишсин, ал жазуунун маанисин түшүндүрүп берет».

**Даниелдин дубалдагы жазууну түшүндүрүп бериши**

13 Ошондо Даниелди падышанын алдына алып келишти. Падыша Даниелге мындай деди: «Менин атам, падыша, Жүйүт жеринен алып келген, туткунда жүргөн Жүйүт уулдарынын бири Даниел деген сенсиңби?

14 Мен сен жөнүндө, сенде Кудайдын руху, жарык, акыл жана бийик акылмандык бар экенин уктум.

15 Мына, бул жазууну окуп, маанисин чечмелеп бериш үчүн, мага акылмандар менен сыйкырчыларды алып келишти. Бирок алар мага анын маанисин түшүндүрүп бере алышкан жок.

16 Сени чечмелеп бере алат, жашыруун сырларды ача алат деп уктум. Эгерде бул жазууну окуй алсаң жана анын маанисин чечмелеп бере алсаң, анда кочкул кызыл чапан киесиң, мойнуңа алтын чынжыр тагылат, падышачылыкта үчүнчү өкүмдар болосуң».

17 Ошондо Даниел падышага мындай деп жооп берди: «Белектериң өзүңдө калсын, жогорку кызматты башкага бер. Дубалдагы жазууну болсо окуп берем жана маанисин чечмелеп берем.

18 Падыша! Бардыгынан жогору турган Кудай атаң Небухаданасарга падышачылыкты, улуулукту, урмат-сыйды жана атак-даңкты берген.

19 Кудай берген улуулуктун алдында андан бардык элдер, уруулар жана улуттар титиреп, коркуп турушкан: ал каалаганын өлтүргөн, каалаганын тирүү калтырган, каалаганын жогору көтөргөн, каалаганын баскан.

20 Бирок анын жүрөгү текеберденип кеткенде, руху катаалданып, тоотпос болуп калганда, ал өзүнүн падышачылык тактысынан кулатылды, атак-даңкынан ажыратылды,

21 адамдардан бөлүндү, жүрөгү жырткычтыкындай болуп калды, жапайы эшектер менен жашады. Аны өгүзгө окшотуп чөп менен багышты, денеси асман шүүдүрүмү менен сугарылды. Адамзат падышачылыгынын үстүнөн бардыгынан жогору турган Кудай бийлик кыларын, Өзү кимди кааласа, ошону коёорун ал түшүнгөнгө чейин ушундай болду.

22 Сен да, анын уулу Белшатсар, ушунун баарын билсең да, жүрөгүңдү жоошуткан жоксуң.

23 Тескерисинче, асмандагы Теңирге каршы чыктың, сага Анын үйүндөгү идиштерди алып келишти, сен, сенин төрөлөрүң, аялдарың жана күңдөрүң ал идиштер менен шарап ичишти. Көрбөгөн, укпаган, түшүнбөгөн, алтындан, күмүштөн, жезден, темирден, жыгачтан жана таштан жасалган кудайларды даңктадың. Өмүрүң, бардык жолдоруң колунда турган Кудайды болсо даңктаган жоксуң.

24 Мына ошон үчүн Андан колдун манжалары жиберилип, бул жазуу жазылды.

25 Анда мындай деп жазылган: “МЕНЕ, МЕНЕ, ТЕКЕЛ, УПАРСИН”.

26 Сөздөрдүн мааниси мындай: “МЕНЕ” – Кудай сенин падышачылык кылган күндөрүңдү эсептеп чыгып, ага чекит койду.

27 “ТЕКЕЛ” – сен таразага тартылып, өтө жеңил болуп чыктың.

28 “ПАРАС” – сенин падышачылыгың бөлүнүп, мадайлыктар менен персиялыктарга берилди».

29 Ошондо Белшатсардын буйругу боюнча Даниелге кочкул кызыл чапан кийгизишти, мойнуна алтын чынжыр тагышты жана аны падышачылыкта үчүнчү өкүмдар кылып жарыялашты.

30 Ошол эле түнү Каздим падышасы Белшатсар өлтүрүлдү.

31 Падышачылыкка алтымыш эки жаштагы мадайлык Дарий келди.

**6-БӨЛҮМ**

**Даниелдин арстандарга ыргытылышы**

1 Падышачылыкты башкарууга Дарий жүз жыйырма дубан башчы коюуну туура тапты.

2 Ал эми алардын үстүнөн үч төрөнү койду, алардын бири Даниел эле. Дубан башчылар аларга эсеп берип турушмак. Ошондо падышага эч кандай оордук түшмөк эмес.

3 Даниел башка төрөлөрдөн, дубан башчылардан жогору эле, анткени анда өзгөчө рух бар эле. Падыша аны бүт падышачылыктын үстүнөн коюуну ойлоду.

4 Ошондо төрөлөр менен дубан башчылар падышачылыкты башкаруу иштери боюнча Даниелди айыпташ үчүн, шылтоо іздей баштaшты. Бирок эч кандай шылтоо да, жаңылыштык да таба алышкан жок, анткени ал ишенимдүү болчу, анда кемчилик да, айып да жок эле.

5 Анан бул адамдар: «Эгерде биз Даниелге каршы шылтоону анын өз Кудайынын мыйзамынан таппасак, ага каршы эч кандай шылтоо таба албайбыз», – дешти.

6 Ошондо төрөлөр менен дубан башчылар падышага келип, мындай дешти: «Дарий падыша! Түбөлүк жаша!

7 Ким отуз күндүн ичинде кайсы бир кудайга же сенден башка кишиге кайрылса, падыша, анда ал арстандар жаткан орго ташталсын деп, падыша ушундай мыйзам жана буйрук чыгарсын деп, падышачылыктын бардык төрөлөрү, жергиликтүү төрөлөрү, дубан башчылары, кеңеш берүүчүлөрү, аскер башчылары өз ара макулдашышты.

8 Ошондуктан, падыша, бул мыйзам менен буйрукту бекемдеп, кол кой. Ал Мадай менен Персиянын мыйзамындай өзгөрүлгүс болсун, бузулбасын».

9 Дарий падыша бул мыйзам менен буйрукка кол койду.

10 Даниел болсо ушундай мыйзамга кол коюлганын билип, өз үйүнө кетти. Анын бөлмөсүнүн терезелери Иерусалимди карап турчу. Ал адаттагысындай эле күн сайын үч маал тизе бүгүп, Кудайына сыйынып, Аны даңазалай берди.

11 Ошол учурда тиги кишилер аңдып, Даниелдин өз Кудайына сыйынып, Андан ырайым сурап жатканын көрүштү.

12 Ошондо алар падышага келип, ага өзүнүн буйругу жөнүндө айтышты: «“Ким отуз күндүн ичинде кайсы бир кудайга жана падышадан башка кишиге кайрылса, падыша, ал арстандар жаткан орго ташталсын” деген мыйзамга кол койбодуң беле?» Падыша: «Бул сөз мадайлыктар менен персиялыктардын мыйзамындай өзгөрүлгүс», – деп жооп берди.

13 Ошондо алар падышага: «Падыша, туткунда жүргөн Жүйүт уулдарынын бири Даниел сага да, сен кол койгон мыйзамга да көңүл бурбай, күнүнө үч маал өзүнүн Кудайына сыйынып жатат», – дешти.

14 Падыша муну укканда, аябай кайгырып, жүрөгүндө Даниелди сактап калууну чечти, ал турсун, аны күн батканга чейин куткарып калууга катуу аракет кылды.

15 Бирок тиги кишилер падышага келип: «Падыша, мадайлыктар менен персиялыктардын мыйзамы боюнча падыша бекиткен бир да мыйзам жана бир да буйрук өзгөртүлүшү мүмкүн эмес экенин эсиңден чыгарба», – дешти.

16 Ошондо падыша буйрук кылды. Даниелди алып келип, арстандар жаткан орго ташташты. Падыша Даниелге: «Сен дайыма кызмат кылган Кудай Өзү сени куткарат!» – деди.

17 Анан таш алып келип, ордун оозуна коюшту, Даниел жөнүндө чыккан буйрук өзгөрүлбөс үчүн, падыша ташка өзүнүн мөөрүн жана төрөлөрүнүн мөөрүн басты.

18 Андан кийин падыша өзүнүн падыша сарайына барып, кечки тамакты ичпестен, уктаганы жатты, атүгүл, өзүнө тамак алып келүүнү да буйрук кылган жок, анын уйкусу качты.

19 Эртеси падыша таң заардан туруп, арстандар жаткан орго шашыла жөнөдү.

20 Ал орго жакын келип, аянычтуу үн менен Даниелди чакырып: «Даниел, тирүү Кудайдын кулу! Сен дайыма кызмат кылган Кудайың сени арстандардан куткара алдыбы?» – деди.

21 Ошондо Даниел падышага мындай деп жооп берди: «Падыша! Түбөлүк жаша!

22 Менин Кудайым Өзүнүн периштесин жиберип, арстандардын оозун жаап койду, ошондуктан алар мага эч кандай зыян келтиришкен жок, анткени мен Анын алдында таза болуп чыктым. Сенин алдыңда да, падыша, кылмыш кылган эмесмин».

23 Ошондо падыша аябай кубанып, Даниелди ордон чыгарууну буйруду. Даниел ордон чыгарылды, анын денесинен эч кандай жаракат табышкан жок, анткени ал өз Кудайына ишенген эле.

24 Анан падыша буйрук кылды, Даниелди айыптаган адамдарды алып келишип, арстандар жаткан орго алардын өздөрүн да, балдарын да, аялдарын да ташташты. Алар ордун түбүнө түшүп-түшө электе эле, арстандар чапчып алып, сөөктөрү менен кошо чайнап салышты.

25 Ошондон кийин Дарий падыша бүт жер жүзүндө жашаган бардык элдерге, урууларга жана улуттарга мындай деп жазды: «Силердин тынчтыгыңар арта берсин!

26 Мен мындай буйрук кылам: Менин падышачылыгымдын бардык аймагында жашагандардын баары Даниелдин Кудайынын алдында титиреп турушсун, Андан коркуп турушсун. Анткени Ал – тирүү жана түбөлүк бар болуп туруучу Кудай, Анын падышачылыгы кыйрагыс, Анын бийлиги чексиз.

27 Ал куткарат жана сактайт, асманда да, жерде да кереметтерди жана жышаандарды көрсөтөт. Ал Даниелди арстандардын азуусунан куткарды».

28 Ошентип, Даниел Дарийдин падышачылыгынын убагында да, персиялык Корештин падышачылыгынын убагында да ийгиликтерге жетти.

**7-БӨЛҮМ**

**Даниелдин жырткычтар жөнүндө көргөн көрүнүшү**

1 Бабыл падышасы Белшатсардын падышачылыгынын биринчи жылында Даниел төшөгүндө жатып, түш жана пайгамбарчылык көрүнүштөрдү көрдү. Ошондо ал түшүн баяндап жазды.

2 Даниел сөзүн баштап, мындай деди: «Түндө мен мындай көрүнүш көрдүм: асмандын төрт шамалы улуу деңизди толкундатып жатты.

3 Анан деңизден бири экинчисине окшобогон төрт чоң жырткыч чыкты.

4 Биринчиси арстанга окшош, бирок анын бүркүттүкүндөй канаттары бар экен. Мен анын канаттары жулунгуча, өзү жерден көтөрүлүп, адамга окшоп бутуна тургуча карап турдум. Ага адамдын жүрөгү берилди.

5 Экинчи жырткыч аюуга окшош экен, ал бир капталы менен турду, оозунда, тиштеринин арасында үч азуусу бар экен. Ага мындай деп айтылды: “Тур, көп эт же!”

6 Андан кийин илбирске окшогон жырткычты көрдүм, анын жонунда куштун төрт канаты бар экен, ал жырткычтын төрт башы бар экен. Ага бийлик берилди.

7 Ошондон кийин мен түнкү көрүнүштөрдө өтө коркунучтуу, үрөйдү учурган, абдан күчтүү төртүнчү жырткычты көрдүм. Анын чоң темир тиштери бар экен. Ал жеп-жутуп, кыйратып, калганын буттары менен тебелеп жатты. Ал мурунку жырткычтардан айырмаланып турду, анын он мүйүзү бар эле.

8 Мен ал мүйүздөрдү карап турдум, ошондо алардын арасынан анча чоң эмес дагы бир мүйүз чыкты, мурунку мүйүздөрдүн үчөө анын алдында түбү менен жулунду, ал мүйүздүн адамдын көздөрүндөй болгон көздөрү, текебер сүйлөгөн оозу бар экен.

**Күндөрү Байыркы жана Уул**

9 Акырында, мен тактылар коюлганын көрдүм, ага Күндөрү Байыркы олтурду. Анын кийими кардай аппак, башындагы чачтары таза жүндөй экен; Анын тактысы оттун жалынындай, дөңгөлөктөрү жалындап күйгөн оттой экен.

10 Күйүп турган бир оттуу дарыя чыгып, Анын алдында агып жатты. Миңдеген адамдар Ага кызмат кылып жатышты, түмөндөгөн адамдар Анын алдында турушту. Соттор отурушту, китептер ачылды.

11 Ошол учурда мен текеберденип сүйлөгөн мүйүздүн сөздөрү үчүн жырткыч өлтүрүлүп, денеси жанчылып, отко ташталганын көрдүм.

12 Башка жырткычтар да бийликтен ажыратылды, бирок алардын өмүрү белгиленген бир убакытка, бир мөөнөткө чейин узартылды.

13 Мен түнкү көрүнүштөрдө адам Уулуна окшогон бирөөнүн асман булуттары менен келе жатканын көрдүм. Ал Күндөрү Байыркыга келди, Аны Күндөрү Байыркынын алдына алып келишти.

14 Ошондо бардык элдер, уруулар жана улуттар Ага кызмат кылышы үчүн, Ага бийлик, даңк жана падышачылык берилди. Анын бийлиги – өтүп кетпей турган түбөлүктүү бийлик, Анын падышачылыгы – кулагыс падышачылык.

**Жырткычтар жөнүндөгү көрүнүштүн түшүндүрмөсү**

15 Мен, Даниел, коркуп кеттим, көргөн көрүнүштөрүм тынчымды алды.

16 Ошондо мен алдыда тургандардын бирине жакын барып, бул көрүнүштөрдүн бардыгынын чыныгы мааниси жөнүндө сурадым. Ал мага айтылгандардын маанисин түшүндүрүп берди:

17 “Бул төрт чоң жырткыч жерден төрт падыша чыгарын билдирет.

18 Андан кийин падышачылыкты Бардыгынан Жогору Тургандын ыйыктары кабыл алып, түбөлүккө, кылымдан кылымга падышачылык кылышат”.

19 Ошондо мен баарынан айырмаланып турган, эң коркунучтуу, темир тиштүү, жез тырмактуу, жеп-жуткан, кыйраткан, ал эми калгандарын буттары менен тебелеп-тепсеген төртүнчү жырткыч жөнүндө,

20 анын башындагы он мүйүз жөнүндө, түшүп калган мурунку үч мүйүздүн ордуна чыккан, көздөрү жана текебер сүйлөгөн оозу бар, башкалардан чоң көрүнгөн мүйүз жөнүндө так түшүндүрмө берүүсүн кааладым.

21 Мен ал мүйүздүн ыйыктар менен салгылашканын,

22 Күндөрү Байыркы келип, сот иши Бардыгынан Жогору Тургандын ыйыктарына берилгенге чейин, падышачылыкты ыйыктар ээлей турган убакыт келгенге чейин, аларды жеңгенин көрдүм.

23 Бул тууралуу ал мындай деди: “Төртүнчү жырткыч – жер үстүндөгү төртүнчү падышачылык, ал бүт падышачылыктардан айырмаланып, бүт жер жүзүн жеп-жутуп, тебелеп-тепсеп кыйратат.

24 Ал эми он мүйүз бул падышачылыктан он падыша чыгарын билдирет. Алардан кийин мурдагылардан айырмаланган башка бир падышачылык чыгат, ал үч падышачылыкты багынтып алат.

25 Ал Бардыгынан Жогору Турганга каршы сөздөрдү айтып, Бардыгынан Жогору Тургандын ыйыктарын эзет. Ал турсун, алардын майрамдары менен мыйзамдарын өзгөртүүнү ойлойт, алар бир мезгилге, мезгилдерге жана жарым мезгилге чейин анын колуна берилет.

26 Андан кийин соттор чогулушат, аны бийликтен ажыратышат, аны биротоло кыйратып жок кылышат.

27 Падышачылык да, бийлик да, асман астындагы падышачылык улуулугу да падышачылыгы түбөлүк болгон Бардыгынан Жогору Тургандын ыйык элине берилет, бардык падышалар Ага кызмат кылышат, Ага баш ийишет”».

28 Сөздүн аягы ушул. Мен, Даниел, өзүмдүн ойлорумдан аябай тынчым кетти, өңүм бузулду, бирок бул сөздү жүрөгүмө сактадым.

**8-БӨЛҮМ**

**Дарыянын жээгинде кочкор жөнүндө жана теке жөнүндө көрүнүш көрүү**

1 Белшатсардын падышачылыгынын үчүнчү жылында мен, Даниел, мурунку көрүнүштөн башка көрүнүш көрдүм.

2 Мен ал көрүнүштү көрүп жатканда, Эйлам дубанындагы борбор шаар Шушанда элем, мен ал көрүнүштө Улай дарыясынын жээгинде жүрүптүрмүн.

3 Башымды көтөрүп, дарыянын жээгинде бир кочкор турганын көрдүм. Анын эки мүйүзү бар экен, эки мүйүзү тең узун экен, бирок бир мүйүзү экинчисинен узунураак экен, узуну кыскасынан кийин көтөрүлдү.

4 Мен ал кочкордун батышты, түндүктү, түштүктү сүзгүлөп жатканын көрдүм, эч бир жырткыч ага каршы тура алган жок, андан эч ким кутула алган жок. Ал эмнени кааласа, ошону кылып жатты, текеберденип турду.

5 Мен муну көңүл коюп карап турдум, ошондо батыштан бир теке бүт жер жүзүн ээлеп келе жатты, бирок буту жерге тийген жок. Ал текенин көздөрүнүн ортосунда бир чоң мүйүзү бар экен.

6 Ал мен дарыянын жээгинде турганда көргөн эки мүйүздүү кочкордун жанына келип, ага катуу каары менен атырылды.

7 Мен анын кочкорго жакын келип, ага аябай каарданып, аны сүзүп, эки мүйүзүн сындырганын көрдүм. Ага туруштук бергенге кочкордун күчү жеткен жок, теке аны жерге кулатып, тебелеп салды, кочкорду андан куткарып алганга эч ким чыккан жок.

8 Ошондо теке аябай күчкө толду, бирок күчүнө киргенде, чоң мүйүзү сынып, анын ордуна асмандын төрт шамалын караган төрт мүйүз чыкты.

9 Алардын биринен түштүктү, чыгышты жана эң сонун өлкөнү карай аябай өскөн, анча чоң эмес бир мүйүз өсүп чыкты.

10 Ал асман кошуунуна чейин көтөрүлүп, ошол кошуундун жана жылдыздардын бир бөлүгүн жерге кулатып, тебелеп-тепсеп салды.

11 Ал турсун, ал ошол кошуундун Жол башчысына чейин көтөрүлдү. Андан күн сайын чалынуучу курмандык тартылып алынды, Анын ыйык жайы турган жер булганды.

12 Асман кошууну мыйзамсыздык үчүн күн сайын чалынуучу курмандык менен бирге анын колуна салынып берилди. Ал чындыкты жерге кулатып, ар кандай иш-аракеттерди кылып, ийгиликке ээ болуп жатты.

13 Ошондо мен бир ыйыктын сүйлөп жатканын уктум. Ал ыйык «Ыйык жай менен кошуундардын тебеленип-тепселенүүсү жөнүндөгү, күн сайын чалынуучу курмандык жөнүндөгү жана ээн калтыруучу мыйзамсыздык жөнүндөгү бул көрүнүш канча убакытка созулат?» деген суроо берген бирөөгө мындай деп жооп берди:

14 Ал мага: «Бул эки миң үч жүз кечке жана таңга созулат, ошондон кийин ыйык жай тазаланат», – деди.

**Бул көрүнүштүн түшүндүрмөсү**

15 Анан мындай болду: мен, Даниел, бул көрүнүштү көрүп, анын маанисин издеп жатканымда, менин алдыма адамга окшош бирөө туруп калды.

16 Анан мен Улай дарыясынын ортосунан адамдын үнүн уктум, ал: «Жебирейил! Ага бул көрүнүштүн маанисин түшүндүрүп бер», – деди.

17 Ошондо ал мен турган жерге келди, ал келгенде, мен коркуп кетип, жүзтөмөндөп жыгылдым, ал мага: «Адам уулу, бул көрүнүш акыркы мезгилге таандык экенин билип ал», – деди.

18 Ал мени менен сүйлөшүп жатканда, мен эч нерсе сезбей, жерде жүзтөмөндөп жаттым. Бирок ал мага колун тийгизип, мени кайра ордума тургузуп, мындай деди:

19 «Мына, мен сага каар төгүлгөн күндөрдүн акыркы күндөрүндө эмне болорун билдирип жатам, анткени бул белгиленген мезгилдин акырына тиешелүү.

20 Сен көргөн эки мүйүздүү кочкор – Мадай жана Персия падышалары.

21 Ал эми түктүү теке – Грециянын падышасы, анын эки көзүнүн ортосундагы чоң мүйүз болсо – анын биринчи падышасы.

22 Анын сынганы, анын ордуна башка төрт мүйүз чыкканы бул элден төрт падышачылык чыгарын, бирок ал падышанын күчү менен эмес экенин билдирет.

23 Алардын падышачылыгынын акырында, мыйзамсыздар өздөрүнүн мыйзамсыздыктарынын чегине жеткенде, абийирсиз, өтө айлакер падыша келет.

24 Анын күчү бекемделет, бирок өз күчү менен эмес. Ал таң каларлык кыйратуу иштерин жүргүзөт, ийгиликке жетет, ар кандай иш-аракеттерди кылат, күчтүүлөрдү жана ыйык элди кырат.

25 Ал акылы менен, эки жүздүүлүгү менен ийгиликке ээ болот, ал жүрөгүндө көтөрүлөт, тынчтык өкүм сүрүп турганда, көптөрдү өлтүрөт, эгедерлердин Эгедерине каршы көтөрүлөт. Бирок ал колдун жардамысыз кыйратылат.

26 Кеч менен таң жөнүндө айтылган көрүнүш чындык, бирок сен бул көрүнүштү ичиңе сакта, анткени ал акыркы күндөргө тиешелүү».

27 Ошондо мен, Даниел, алсырап, бир нече күн оорудум. Андан кийин туруп, падышанын иштерин аткара баштадым. Мен бул көрүнүшкө таң калдым, аны түшүнгөн жокмун.

**9-БӨЛҮМ**

**Даниелдин Ысрайыл эли жөнүндө сыйынуусу**

1 Каздим падышачылыгынын үстүнө падыша болуп коюлган, Мадай уруусунан чыккан Акашбейрош уулу Дарийдин падышачылыгынын биринчи жылында

2 мен, Даниел, китептерден, Теңирдин Жеремия пайгамбарга айткан сөзүнөн Иерусалим жетимиш жыл ээн каларын түшүндүм.

3 Ошондо мен орозо кармап, зумбал кийип, башыма күл чачып, Кудай-Теңирге жүзүмдү буруп сыйындым, жалындым.

4 Мен Кудай-Теңириме сыйынып, күнөөлөрүмдү ачык айтып кечирим сурап, мындай дедим: «Өзүн сүйгөндөргө жана Өзүнүн буйруктарын аткаргандарга келишимди жана ырайымды сактаган, улуу жана коркунучтуу Кудай-Теңир!

5 Биз күнөөгө баттык, мыйзамсыз, адилетсиз иштерди кылдык, өжөрлөнүп, Сенин осуяттарың менен мыйзамдарыңдан баш тарттык.

6 Падышаларыбызга, төрөлөрүбүзгө, ата-бабаларыбызга, өлкөнүн бардык элине Сенин ысымыңдан сүйлөгөн Сенин кулдарыңды – пайгамбарларды уккан жокпуз.

7 Теңир, адилеттик Сенде, ал эми бүгүн биз – ар бир жүйүт, Иерусалим тургундары жана Сага ишенимсиз болгону үчүн Өзүң кууп жиберген, жакынкы жана алыскы жерлердеги, бардык өлкөлөрдөгү бүт Ысрайыл эли уят болдук.

8 Теңир! Биз – падышаларыбыз да, төрөлөрүбүз да, ата-бабаларыбыз да уят болдук, анткени биз Сенин алдыңда күнөөгө баттык.

9 Биздин Кудай-Теңирибиз боорукер жана кечиримдүү. Биз болсо Ага каршы чыктык,

10 Кудай-Теңирибиздин үнүнө кулак салган жокпуз, Өзүнүн кулдары – пайгамбарлар аркылуу берген мыйзамдары менен жүргөн жокпуз.

11 Бүт Ысрайыл Сенин мыйзамыңды бузуп, андан баш тартты, Сенин үнүңө кулак салган жок. Ошон үчүн Кудайдын кулу Мусанын мыйзамында жазылган каргыш тийип, ант аткарылды, анткени биз Ага каршы күнөөгө баттык.

12 Ал бизге жана бизди башкарып турган башкаруучуларга каршы айткан Өзүнүн сөзүн аткарып, башыбызга чоң алаамат түшүрдү. Андай алаамат, Иерусалимдин үстүнө түшкөндөй алаамат, асман астында болгон эмес.

13 Мусанын мыйзамында жазылгандай, бүт алааматтын баары башыбызга түштү. Бирок биз өзүбүздүн мыйзамсыз иштерибизден бурулуш үчүн, Сенин чындыгыңды түшүнүш үчүн, Кудай-Теңирибизге жалынган жокпуз.

14 Теңир ошол алааматты көзөмөлгө алып, аны биздин үстүбүзгө каптатты. Анткени биздин Кудай-Теңирибиз Өзү жүзөгө ашырып жаткан бардык иштеринде адилет, биз болсо Анын үнүн уккан жокпуз.

15 Өз элин Мисир жеринен күчтүү колу менен алып чыккан, атүгүл, бүгүнкү күнгө чейин Өз даңкын көрсөтүп келе жаткан биздин Кудай-Теңирибиз, биз күнөөгө баттык, мыйзамсыз иштерди кылдык.

16 Теңир! Өзүңдүн адилеттигиң боюнча Өзүңдүн шаарың Иерусалимге, Өзүңдүн ыйык тооңо болгон каарың кайтса экен, ачууң тараса экен, анткени биздин күнөөлөрүбүз үчүн, биздин ата-бабаларыбыздын мыйзамсыздыктары үчүн Иерусалим менен Өзүңдүн элиң тегерегиндеги элдердин баарына шылдың болду.

17 Кудайыбыз, азыр да Өзүңдүн кулуңдун сыйынуусу менен жалынуусун ук. Теңир, ээн калган ыйык жайыңды Өзүң үчүн Өзүңдүн жарык жүзүң менен кара.

18 Кудайым, кулагыңды төшөп, уга көр. Көзүңдү ачып, биздин кыйраганыбызды жана Өзүңдүн ысымың менен аталган шаарды кара, анткени биз өзүбүздүн адилдигибизге эмес, Сенин улуу ырайымыңа таянып, Сенин алдыңа өзүбүздүн сыйынууларыбызды алып келебиз.

19 Теңир, уга көр! Теңир, кечире көр! Теңир, кулак төшөп, аткара көр! Кудайым, Өзүң үчүн создуктурба, анткени Сенин шаарың да, Сенин элиң да Өзүңдүн ысымың менен аталган».

**Пайгамбарчылыктын түшүндүрмөсү**

20 Мен сүйлөп жатканда, сыйынып, өз күнөөм үчүн, өз элим Ысрайылдын күнөөсү үчүн кечирим сурап жатканда, Кудай-Теңиримдин алдына Кудайымдын ыйык тоосу жөнүндөгү сыйынуумду алып келип жатканда,

21 сыйынуумду улантып жатканымда, мен мурунку көрүнүштө көргөн Жебирейил тез учуп келип, кечки курмандык чалуу убагына жакын мага колун тийгизип,

22 акыл айтып, мени менен сүйлөшүп, мага мындай деди: «Даниел! Мен азыр сага акыл айтуу үчүн келдим.

23 Сен сыйына баштаганыңда, мага сөз айтылды, мен аны сага айтканы келдим, анткени сен эң сүйүктүү адамсың. Ошондуктан сөздү дит коюп угуп, көрүнүштү түшүн.

24 Сенин элиң үчүн жана сенин ыйык шаарың үчүн жетимиш жума белгиленди. Ал кылмыш жабылышы үчүн, күнөөлөргө мөөр басылышы үчүн, мыйзамсыздыктар өчүрүлүшү үчүн, түбөлүк чындык келиши үчүн, көрүнүшкө жана пайгамбарчылыкка мөөр басылышы үчүн, ыйыктардын Ыйыгы майланышы үчүн белгиленди.

25 Ошондуктан билип, түшүнүп ал: Иерусалимди кайра калыбына келтирүү жөнүндө буйрук чыккан убакыттан Эгедер Машайак келгенге чейин жети жума жана алтымыш эки жума өтөт. Ошондо эл кайрылып келет, көчөлөр менен дубалдар кайра курулат, бирок бул кыйын мезгилдерде болот.

26 Алтымыш эки жума өткөндөн кийин, Машайак өлүм жазасына тартылат, Ал жок кылынат. Ал эми шаар менен ыйык жайды келе турган бир аскер башчынын эли талкалайт, ал ташкындан кыйрагансып кыйрайт, кыйроолор согуштун аягына чейин болот.

27 Ошондон кийин ал көп элдер менен түзгөн келишимди бир жуманын ичинде күчүнө киргизет, ал эми жуманын ортосунда курмандык чалууну, тартуу алып келүүнү токтотот, ыйык жайга кыйратуучу жийиркенич орнотулат, алдын ала белгиленген толук кыйроо кыйратуучунун өз башына келет».

**10-БӨЛҮМ**

**Кудайдын даңкы жөнүндөгү көрүнүш**

1 Персия падышасы Корештин падышачылыгынын үчүнчү жылында Белтешатсар деген да ысымы бар Даниел бир аян алды. Бул аян чындык эле жана чоң күчкө ээ эле. Ал бул аянды түшүндү, бул көрүнүштү баамдады.

2 Бул күндөрү мен, Даниел, үч жума кайгыга баттым.

3 Үч жума өткөнчө, даамдуу тамак жебедим, эт менен шарапты оозума албадым, жыпар жыттуу майлар менен майланган жокмун.

4 Ал эми биринчи айдын жыйырма төртүнчү күнү мен Тигир деген чоң дарыянын жээгинде элем.

5 Башымды көтөрүп, зыгыр кездемеден кийим кийген, белин Упаздын алтыны менен курчаган бир кишини көрдүм.

6 Анын денеси топаз ташындай, жүзү чагылгандай, көздөрү күйүп турган чырактай, колдору менен буттарынын көрүнүшү жалтылдаган жездей, үнү топ адамдын үнүндөй экен.

7 Мен, Даниел, бул көрүнүштү жалгыз мен көрдүм, менин жанымдагы кишилер бул көрүнүштү көрүшкөн жок. Бирок аларды чоң коркунуч басты, алар жашыныш үчүн качып кетишти.

8 Мен жалгыз калып, бул улуу көрүнүштү карап турдум, бирок күч-кубаттан тайдым, өңүм абдан бузулду, шайым кетти.

9 Анан мен анын үнүн уктум. Анын үнүн укканымда, өзүмдү жоготуп, жүзтөмөндөп жыгылдым, жерде бетим менен жаттым.

10 Бирок ал мага колун тийгизип, мени тиземе тургузуп, алаканым менен жер таянтып койду.

11 Анан ал мага: «Даниел, эң сүйүктүү адам! Сага айта турган сөздөрдү түшүн, түз тур, анткени азыр мен сага жиберилдим», – деди. Ал мага бул сөздөрдү айтканда, мен титиреп, ордуман турдум.

12 Бирок ал мага мындай деди: «Коркпо, Даниел, жүрөгүңдү акылмандыкка жетүүгө жана Кудайыңдын алдында өзүңдү моюн сундурууга бурган күндөн тартып эле сенин сөздөрүң угулган. Ошондо эле мен сенин сөздөрүң боюнча келмекмин,

13 бирок Персия падышачылыгынын төрөсү мага жыйырма бир күн каршы турду. Башкы төрөлөрдүн бири Михаел мага жардам бериш үчүн келгенге чейин, мен ошол жерде, Персия падышаларынын жанында кармалып калдым.

14 Азыр болсо сага акыркы күндөрү сенин элиң эмне болорун билдиргени келдим, анткени көрүнүш акыркы күндөргө тиешелүү».

15 Ал мага ушундай сөздөрдү айтып жатканда, мен жүзтөмөндөп жыгылып, сүйлөй албай калдым.

16 Бирок ошондо адам баласына окшогон бирөө оозума колун тийгизди. Мен оозумду ачып, сүйлөй баштадым, анан алдымда турганга мындай дедим: «Мырзам! Бул көрүнүштөн менин ички дүйнөм аңтарылып кетти, алсырап калдым.

17 Мырзам, мен, сенин кулуң, сендей мырзам менен кантип сүйлөшө алат? Анткени менде күч жок, демим чыкпай калды».

18 Ошондо адам баласына окшогон ал кайрадан колун тийгизип, мага күч берди.

19 Анан мындай деди: «Коркпо, эң сүйүктүү адам! Сага тынчтык болсун. Кайраттан, кайраттан!» Ал мени менен сүйлөшүп жатканда, мен күчүмө кирип: «Сүйлөй бер, мырзам, анткени сен мага күч бердиң», – дедим.

20 Ошондо ал мындай деди: «Мен сага эмне үчүн келгенимди билесиңби? Азыр мен Персия төрөсү менен салгылашканы жөнөйм. Мен кеткенде, Грециянын төрөсү келет.

21 Ошондой болсо да мен сага чыныгы жазууда эмне жазылганын билдирем. Аларга каршы салгылашта мага силердин төрөңөр Михаелден башка жардам бере турган эч ким жок.

**11-БӨЛҮМ**

**Кийинки күндөрдүн падышалары жөнүндө пайгамбарчылык**

1 Падышачылыгынын биринчи жылынан тартып, мен мадайлык Дарийдин таянычы жана тиреги болдум.

2 Азыр сага чындыкты билдирейин: Персиядан дагы үч падыша чыгат. Төртүнчүсү эбегейсиз байлыгы менен баарынан ашып түшкөн падыша болот. Ал байлыгы менен күч алганда, бардыгын Греция падышачылыгына каршы көтөрөт.

3 Андан кийин күч-кубаттуу бир падыша чыгат, ал зор күчү менен бийлик жүргүзөт, өз эрки менен иш кылат.

4 Бирок ал падыша чыкканда, анын падышачылыгы кыйрап, төрт бөлүккө бөлүнөт, падышачылык анын тукумуна өтпөйт, бийлик мурунку күчүн жоготот, анткени анын падышачылыгы бөлүнүп кетет, падышачылык алардан башкаларга өтөт.

5 Анан түштүк падышасы күч алат, бирок аны өзүнүн төрөлөрүнүн бири жеңип чыгып, бийлик жүргүзө баштайт, анын бийлиги зор болот.

6 Бирок бир нече жылдан кийин алар бири-бирине жакындашат, өз ара тынчтык мамилесин түзүш үчүн, түштүк падышасынын кызы түндүк падышасына келет. Бирок түштүк падышасынын кызы күчүн жоготот, анын тукуму да туруштук бере албайт, ал өзү да, анын жандоочулары да, анын баласы да, ошол учурда ага жардам бергендер да чыккынчылык менен өлтүрүлүшөт.

7 Бирок анын тукумунан бир адам чыгып, аскерлерге келип, түндүк падышасынын чептүү шаарына кирип, салгылашып, жеңет.

8 Ал турсун, алардын кудайларын, алардын жасалма кудайларын, кымбат баалуу алтын-күмүш идиштерин Мисирге алып кетет. Ал бир нече жыл түндүк падышасынан жогору турат.

9 Ал түштүк падышасынын падышачылыгына чабуул коёт, бирок өз жерине кайтып келет.

10 Андан кийин анын уулдары куралданып, көп сандаган аскер жыйнашат. Алардын бири ыкчам келип, кыяндай каптап өтөт, кайра келе жатканда, түштүк падышачылыгы менен анын чептүү шаарына чейин салгылашып жүрүп отурат.

11 Түштүк падышасы каарданып, түндүк падышасы менен салгылашканы чыгып, сансыз аскерин коёт, бирок аскер түштүк падышасынын колуна салынып берилет.

12 Түштүк падышасынын аскерлери кайраттанат, падышанын жүрөгү көтөрүлөт. Ал миңдеген аскерлерди сулатат, бирок күч-кубаттуу бойдон калбайт.

13 Анткени түндүк падышасы кайрылып келип, мурунку аскерге караганда көп аскер коёт; бир нече жылдан кийин сансыз аскер менен, көп байлык менен келет.

14 Ошол учурда түштүк падышасына көптөр каршы чыгышат, көрүнүш аткарылышы үчүн, сенин элиңдин козголоңчул уулдары да ага каршы көтөрүлүшөт, бирок кулап калышат.

15 Ошондо түндүк падышасы келип, жал куруп, чептүү шаарды ээлеп алат. Түштүк падышачылыгы да, анын тандалма аскерлери да туруштук бере алышпайт, каршы турууга күчтөрү жетпей калат.

16 Ким ага каршы чыкса, анын эрки менен иш-аракет кылат, эч ким ага туруштук бере албайт. Даңктуу жерге өзүнүн кошуунун коёт, ал жер анын колунан жабыр тартат.

17 Өз падышачылыгынын бүт күчү менен, өзүнүн адилдери менен басып кирүүнү ойлоп, аны жүзөгө ашырат. Аны өлтүрүш үчүн, ага өзүнүн кызын аялдыкка берет, бирок бул ою ишке ашпайт, ал андан пайда таппайт.

18 Андан кийин жүзүн аралдарга буруп, алардын көбүн ээлеп алат. Бирок кайсы бир жол башчы анын шылдыңын токтотот, ал тургай, шылдыңын өз башына салат.

19 Андан кийин ал өз жүзүн өз жериндеги чептерге бурат, бирок мүдүрүлүп жыгылып, жок болот.

20 Анын ордуна башка падыша келет, ал даңктуу падышачылыкты аралап чыгууга салык жыйноочуну жиберет, бирок ал да козголоңсуз эле, согушсуз эле бир аз күндөн кийин өлөт.

**Сириянын адилетсиз падышасы**

21 Анын ордуна жек көрүндү падыша келет, ага падышачылык урмат-сый көрсөтүшпөйт, бирок ал чуусуз келип, падышачылыкты айла-амал менен ээлеп алат.

22 Ал селдей каптаган сан жеткис аскерди селдей каптап кыйратат, атүгүл, келишимдин башчысын да кыйратат.

23 Анткени ал аны менен келишим түзгөндөн кийин, алдамчылык менен иш жүргүзөт, анан чыгып, аз сандагы эл менен жеңишке ээ болот.

24 Ал өлкөнүн тынч жаткан түшүмдүү жерлерине кирип, ата-бабалары да кылбаган иштерди кылат. Олжону, талап-тоноп алган мал-мүлктү, байлыкты өзүнүн кишилерине чачып жок кылат, чептерди да кыйратууну ойлойт, бирок ал ою белгилүү бир убакытка чейин эле ишке ашат.

25 Андан кийин өз күчүн жана өз рухун козгоп, көп сандаган аскерлери менен түштүк падышасына каршы чыгат. Түштүк падышасы көп сандаган, аныкынан күчтүү аскерлери менен согушка чыгат, бирок туруштук бере албайт, анткени ага каршы айла-амал уюштурулат.

26 Атүгүл, аны менен дасторкондо чогуу отургандар да аны өлтүрүүнү ойлошот, анын аскери талкаланат, өлтүрүлгөндөр көп болот.

27 Бул эки падышанын тең жүрөктөрүндө арам ой болот, бир дасторкондо отуруп, жалган сүйлөшөт, бирок ийгиликке жетишпейт, анткени алардын акыры бир убакытка белгиленген.

28 Ал өз жерине өтө көп байлык менен, ыйык келишимге карата жаман ой менен жөнөйт, ал аны аткарып, өз жерине кайтат.

29 Белгиленген убакытта ал кайрадан түштүк падышачылыгына барат, бирок акыркы жортуулу мурункудай болбойт.

30 Анткени ага каршы Китим кемелери келет; анын шаабайы сууп, артка кетет, ыйык келишимге каарданып, өзүнүн оюн ишке ашырат, ыйык келишимден баш тарткандар менен кайрадан келишим түзөт.

31 Ал аскерлеринин бир бөлүгүн коюп, чепти, ыйык жайды булгайт, күн сайын чалынуучу курмандыкты токтотуп, кыйратуучу жийиркеничти орнотот.

32 Келишимге каршы мыйзамсыздык кылгандарды ал кошоматтык менен өзүнө тартып алат. Бирок өз Кудайын урматтаган адамдар күч алып, каршылык көрсөтүшөт.

33 Элдин ичиндеги акылдуу адамдар кылычтан жана оттон, туткундан жана талап-тоноодон бир нече убакыт азап тартышарына карабастан, көптөрдү акылына келтиришет.

34 Азап тартып жатышканда, аларга бир аз жардам болот, аларга көптөр кошулушат, бирок анткордук менен.

35 Акылдуу адамдардын ичинен кээ бирлери акыркы күн келгенге чейин сыналыш үчүн, күнөөдөн тазаланыш үчүн, агарыш үчүн азап тартышат, анткени белгиленген мөөнөткө чейин дагы убакыт бар.

36 Ал падыша өзү каалагандай иш жүргүзөт, менменсинип, өзүн бардык кудайлардан жогору коёт, кудайлардын Кудайы жөнүндө жаман сөздөрдү сүйлөйт, каар төгүлгөнгө чейин, ал ийгиликке жетет, анткени алдын ала эмне белгиленсе, ошол ишке ашат.

37 Ал өз ата-бабаларынын кудайлары жөнүндө да, аялдардын каалоосу жөнүндө да ойлобойт, эч бир кудайды сыйлабайт, анткени өзүн бардыгынан жогору коёт.

38 Бирок анын ордуна күчтүн кудайына урмат көрсөтөт, ата-бабалары билбеген ал кудайга алтын-күмүштөр менен, асыл таштар менен, ар кандай кымбат баалуу буюмдар менен урмат көрсөтөт.

39 Чоочун кудайдын урматына бекем чеп тургузат: аны кабыл алгандардын даражасын көтөрүп, көп элдин үстүнө бийликке коёт, жерди сыйлык катары бөлүп берет.

40 Мезгилдин акырында аны менен түштүк падышасы салгылашат, түндүк падышасы майдан арабалары, атчан аскерлери жана көп сандаган кемелери менен ага каршы бороондой көтөрүлүп келип, өлкөлөргө кол салып, аларды ташкындай каптап, тебелеп-тепсеп өтүп кетет.

41 Анан ал эң жакшы жерге кирет, көптөгөн өлкөлөр жабыр тартат, анын колунан Эдом, Маап жана Амон уулдарынын чоң бөлүгү гана кутулат.

42 Ал өзүнүн колун ар кайсы өлкөлөргө каршы сунат. Мисир жери да кутулбайт.

43 Ал Мисирдин казынадагы алтын-күмүшүн, бардык байлыгын ээлеп алат. Анын артынан луптуктар менен эфиопиялыктар ээрчишет.

44 Бирок чыгыштан жана түндүктөн угулган кабарлар анын тынчын алат, ошондо ал катуу каарданып, көп элдерди кырып жок кылуу үчүн чыгат.

45 Анан ал өзүнүн падыша чатырларын деңиз менен даңктуу ыйык жай турган тоонун ортосуна тигет. Бирок анын акыры келет, ага эч ким жардам бербейт.

**12-БӨЛҮМ**

**Акыркы күндөр жөнүндө**

1 Ошол учурда өз элиңдин уулдары үчүн турган улуу төрө Михаел келет. Адам жаралгандан ушул мезгилге чейин болуп көрбөгөн оор мезгил келет. Бирок ошол учурда сенин элиңдин ичинен китепте жазылгандардын баары куткарылат.

2 Топуракта уктап жаткандардын көбү ойгонот, бири түбөлүк жашаш үчүн, бири уятка калып, түбөлүк кордолуш үчүн ойгонот.

3 Акылдуулар асман чырактарындай жаркырашат, көп адамдарды чындыкка бургандар кылымдан кылымга, түбөлүккө жылдыздай жаркырашат.

4 Ал эми сен, Даниел, акыркы мезгилге чейин бул сөздөрдү жашырып кой, бул китепке мөөр басып кой. Аны көптөр окушат, билим көбөйөт».

5 Ошондо мен, Даниел, карасам, башка эки адам туруптур, бири дарыянын берки жээгинде, экинчиси дарыянын наркы жээгинде.

6 Алардын бири дарыянын үстүндө турган, зыгыр кездемеден кийим кийген адамдан: «Бул укмуштуу окуялардын акыры качан болот?» – деп сурады.

7 Ошондо мен дарыянын үстүндө турган, зыгыр кездемеден кийим кийген адамдын оң колу менен сол колун асманга көтөрүп, Түбөлүк Жашоочунун ысымы менен мындай деп ант бергенин уктум: «Ушунун баары бир мезгилдин, мезгилдердин жана жарым мезгилдин акырында, ыйык элдин күчү таптакыр майтарылгандан кийин болот».

8 Мен муну уктум, бирок түшүнгөн жокмун, ошондуктан: «Мырзам! Андан кийин эмне болот?» – деп сурадым.

9 Ал мындай деп жооп берди: «Бар, Даниел, анткени бул сөздөр акыркы мезгилге чейин жашырылган, аларга мөөр басылган.

10 Көптөр тазаланышат, агарышат жана кайрадан эритилишет. Мыйзамсыздар болсо мыйзамсыздык кылышат, муну мыйзамсыздардын эч кимиси түшүнбөйт, ал эми акылдуулар түшүнүшөт.

11 Күн сайын чалынуучу курмандыктар токтотулуп, кыйратуучу жийиркенич орнотулгандан кийин, бир миң эки жүз токсон күн өтөт.

12 Бир миң үч жүз отуз беш күн чыдап күткөн адам бактылуу.

13 Сен болсо өмүрүңдүн акырына чейин барып, тынч ал, бирок акыркы күнү өзүңдүн үлүшүңдү алыш үчүн тирилесиң».

**ОШУЯ**

**1-БӨЛҮМ**

**Ошуянын аялы жана балдары**

1 Жүйүт падышалары Узиянын, Жотамдын, Ахаздын, Хискиянын тушунда жана Ысрайыл падышасы Жааштын уулу Жаробамдын тушунда Бейринин уулу Ошуяга айтылган Теңирдин сөзү.

2 Теңирдин Ошуяга сүйлөгөн сөзүнүн башы. Теңир Ошуяга: «Бар, өзүңө бузулган аялды жана бузуктуктун балдарын ал. Анткени бул жер Теңирден баш тартып, аябай бузуктук кылып жатат», – деди.

3 Ошондо Ошуя барып, Диблайимдин кызы Гомерди алды. Анын боюна бүтүп, ага уул төрөп берди.

4 Анан Теңир ага мындай деди: «Ага Изрейел деген ат кой, анткени бир аз убакыт өткөндөн кийин, Изрейелдин каны үчүн Жейу тукумун жазалайм, ошентип, Мен Ысрайыл падышачылыгын жок кылам.

5 Ошол күнү мындай болот: Мен Изрейел өрөөнүндө Ысрайылдын жаасын сындырам».

6 Гомердин дагы боюна бүтүп, кыз төрөдү. Ошондо Теңир Ошуяга мындай деди: «Ага Ло-Рухам деген ат кой. Анткени Мен мындан ары Ысрайыл тукумуна ырайым кылбайм, аны кечирбейм.

7 Жүйүт тукумуна болсо ырайым кылам, аларды өздөрүнүн Кудай-Теңири аркылуу куткарам. Мен аларды жаа менен, кылыч менен, согуш менен, аттар менен, атчан аскерлер менен куткарбайм».

8 Ло-Рухамды эмчектен чыгаргандан кийин, анын боюна бүтүп, уул төрөдү.

9 Ошондо Теңир мындай деди: «Ага Ло-Ами деген ат кой, анткени силер Менин элим эмессиңер, Мен да силердин Кудайыңар болбойм.

**Ысрайылдын кайра калыбына келтирилиши жөнүндө**

10 Бирок Ысрайыл уулдарынын саны деңиз кумундай өлчөнгүс, саналгыс болот. "Силер Менин элим эмессиңер" деген жерде аларга: "Силер тирүү Кудайдын уулдарысыңар", – дешет.

11 Ошондо Жүйүт уулдары менен Ысрайыл уулдары чогулуп, өздөрүнө бир башчы коюшат, өздөрү куулуп барган жерден чыгышат. Анткени Изрейелдин күнү улуу болот!

**2-БӨЛҮМ**

1 Бир туугандарыңарга "Ами (Менин элим)" деп айткыла, эже-карындаштарыңарга "Рухам (Ырайым кылынган)" деп айткыла.

**Ысрайыл – ишенимсиз Гомер**

2 Өзүңөрдүн энеңер менен соттошкула, соттошкула, анткени ал Менин аялым эмес, Мен анын күйөөсү эмесмин.

3 Мен аны энеден туума жылаңач кылып көрсөтүп, чөлгө, какшыган жерге айлантып, суусатып өлтүрбөшүм үчүн, ал жүзүнөн бузуктукту, төшүнөн ойноштукту четтетсин.

4 Анын балдарына ырайым кылбайм, анткени алар – бузуктуктун балдары.

5 Анткени алардын энеси бузуктук кылды. Аларды төрөгөн аял өзүн уят кылды, анткени ал: “Мага нан, суу, жүн, зыгыр, зайтун майын жана ичимдик берип жаткан ойношторумду ээрчийм”, – деген.

6 Ошон үчүн Мен анын жолун тикендер менен тосом, аны тосмо менен курчайм, ошондо ал өз жолун таппай калат.

7 Ойношторунун артынан чуркайт, бирок аларга жетпейт. Аларды издейт, бирок таппайт. Ошондо: “Мен биринчи күйөөмө кайра барайын, анткени мага ошол убакта азыркыга караганда жакшы болчу”, – деп айтат.

8 Бирок ага нанды, шарапты жана зайтун майын Мен бергенимди, анын алтын менен күмүшүн Мен көбөйткөнүмдү ал билген жок. Алар ошол алтын менен күмүштөн Баал бурканын жасашты.

9 Ошон үчүн эгин жыйноо маалы келгенде, Өз нанымды кайра алам, даяр болгондо, Өз шарабымды кайра алам, анын жылаңач этин жапкан Өзүмдүн жүнүм менен зыгырымды кайра тартып алам.

10 Ошентип, азыр Мен анын маскарачылыгын ойношторунун көз алдында ачам, аны Менин колумдан эч ким куткара албайт.

11 Анын бардык кубанычын: майрамдарын, ай жаңыргандагы майрамдарын, ишембилерин, бардык салтанаттуу жыйындарын токтотом.

12 “Бул белектерди мага ойношторум берген”, – деген анын жүзүм сабактары менен анжыр дарактарын кыйратам. Мен аларды токойго айлантам, ошондо аларды талаа жырткычтары жеп салышат.

13 Мен аны жыпар жыттуу зат түтөтүп, Баал бурканадарына кызмат кылган күндөрү үчүн жазалайм. Ал сөйкөлөр менен шуруларды тагынып алып, ойношторунун артынан жүрдү, Мени болсо эсинен чыгарып койду, – дейт Теңир.

**Теңирдин Өз элине болгон сүйүүсү**

14 Ошондуктан Мен аны Өзүмө тартып, чөлгө алып барып, жүрөгүнө сүйлөйм.

15 Ошол жерден Мен ага өзүнүн жүзүмзарларын берем, Акор өрөөнүн үмүттүн босогосу кылып берем. Ал ошол жерде өзүнүн жаш күндөрүндөгүдөй, Мисир жеринен чыккан күнүндөгүдөй ырдайт.

16 Ошол күнү, – дейт Теңир, – сен Мени “Иши” деп чакырасың, ошондон кийин Мени “Баали” деп чакырбайсың.

17 Мен анын оозунан Баал бурканадарынын ысымдарын алып салам, ошондон кийин алардын ысымдары эскерилбейт.

18 Ошол күнү алар үчүн талаа жырткычтары менен, асмандагы канаттуулар менен, жерде сойлоочу жаныбарлар менен келишим түзөм. Ал жерден жааны да, кылычты да, согушту да жок кылам, аларды коопсуз жашай турган кылам.

19 Мен сени менен түбөлүккө никелешем, Мен сени менен чындык жана адилеттиктин, ырайым жана боорукердиктин негизинде никелешем.

20 Мен сени менен ишенимдүүлүктүн негизинде никелешем, ошондо сен өзүңдүн Теңириңди таанып билесиң.

21 Ошол күнү Мен жооп берем, – дейт Теңир, – Мен асманга жооп берем, асман жерге жооп берет,

22 жер нанга, шарапка жана зайтун майына жооп берет, алар болсо Изрейелге жооп беришет.

23 Мен аны жерге Өзүм үчүн себем. Ло-Рухамды Рухам дейм, Ло-Амини Ами дейм, ал Мага: “Сен Менин Кудайымсың” – дейт».

**3-БӨЛҮМ**

**Ишенимсиз Ысрайылдын куткарылышы**

1 Анан Теңир мага мындай деди: «Дагы барып, күйөөсү сүйгөн, бирок өзү ойноштук кылган аялды сүй, аны Теңир Ысрайыл уулдарын сүйгөндөй сүй. Теңир аларды сүйөт, алар болсо башка кудайларга кайрылышат, алардын мейиз кошулган токочторун жакшы көрүшөт».

2 Ошондо мен аны он беш күмүш тыйынга, бир хомер арпага жана жарым хомер арпага сатып алдым.

3 Анан ага: «Меникинде көп күн жаша. Бузуктук кылба, эч ким менен болбо, мен да сага жакындабайм», – дедим.

4 Анткени Ысрайыл уулдары көп убакытка чейин падышасыз, төрөсүз, курмандыксыз, курмандык чалынуучу жайсыз, эфодсуз жана терафимсиз калышат.

5 Ошондон кийин Ысрайыл уулдары күнөөлөрү үчүн өкүнүп, өздөрүнүн Кудай-Теңирин жана өздөрүнүн падышасы Дөөттү издешет. Акыркы күндөрү Теңирдин жана Анын ырайымынын алдында титирешет.

**4-БӨЛҮМ**

**Ысрайылдын күнөөсүн ашкере кылуу**

1 Ысрайыл уулдары, Теңирдин сөзүн уккула! Анткени Теңир бул жердин тургундарын соттойт. Себеби бул жерде акыйкаттык да, боорукердик да, Кудайды таанып билүү да жок.

2 «Ант берүү, алдамчылык, киши өлтүрүү, уурулук кылуу, бузуктук кылуу аябай жайылган, кан төгүүнүн артынан кан төгүү.

3 Ошон үчүн бул жер ыйлайт, анын үстүндө жашагандын баары – талаадагы айбанаттар да, асмандагы канаттуулар да алсырайт, атүгүл, деңиздеги балыктар да кырылат.

4 Бирок бири-бири менен талашып-тартышпасын, бирин-бири ашкерелебесин. Анткени сенин элиң ыйык кызмат кылуучулар менен талашып-тартышкандарга окшош.

5 Сен күндүз мүдүрүлүп жыгыласың, сени менен кошо пайгамбар түн ичинде мүдүрүлүп жыгылат, энеңди жок кылам.

6 Элим Мени таанып билбегендиктен кырылды. Сен таанып билүүнү четке каккандыктан, Мен да сени Менин алдымда ыйык кызмат кылуудан четтетем. Сен өз Кудайыңдын мыйзамын унуткандыктан, Мен да сенин балдарыңды унутам.

7 Алар канчалык көбөйгөн сайын, Мага каршы ошончолук көп күнөө кылып жатышат. Алардын даңкын маскарачылыкка айлантам.

8 Алар Менин элимдин күнөөлөрү менен азыктанып жатышат, алардын жаны анын мыйзамсыздыгына умтулуп жатат.

9 Элге эмне болсо, ыйык кызмат кылуучуга да ошол болот. Аны өзүнүн жолдоруна жараша жазалайм, ага өзүнүн кылган иштерине жараша тиешесин берем.

10 Жешет, бирок тоюшпайт, бузуктук кылышат, бирок көбөйүшпөйт, анткени Теңирге кызмат кылууну таштап коюшкан.

11 Бузуктук, шарап жана ичимдиктер алардын жүрөгүн ээлеп алган.

**Ысрайылдын бутка табынуучулугу**

12 Менин элим өзүнүн дарагынан сурап жатат, ага өзүнүн таягы жооп берип жатат. Анткени бузуктук руху аларды адаштырды, алар бузуктук кылып, өз Кудайынан баш тартышты.

13 Алар тоолордун чокуларында курмандык чалып жатышат, дөңсөөлөрдөгү эмен дарактарынын, кайыңдардын жана кара жыгачтардын түбүндө жыпар жыттуу зат түтөтүп жатышат, анткени алардын көлөкөсү жакшы. Ошондуктан кыздарыңар бузуктук кылып жатышат, келиндериңер ойноштук кылып жатышат.

14 Мен бузуктук кылып жаткан кыздарыңарды, ойноштук кылып жаткан келиндериңерди жазалабайм, анткени силер өзүңөр бузулган аялдар менен кошулуп жатасыңар, бузуктук кылгандар менен бирге курмандык чалып жатасыңар, түркөй эл болсо өлүп жатат.

15 Ысрайыл, сен бузуктук кылсаң да, Жүйүт күнөө кылбасын. Гилгалга барбагыла, Бейт-Абенге чыкпагыла, "Теңир тирүү!" деп ант бербегиле.

16 Анткени Ысрайыл өжөр кунажындай өжөр болуп калды, ошон үчүн Теңир эми аларды кенен жайытта козу кайтаргансып кайтармак беле?

17 Эпрайым буркандарга байланып калды. Аны буркандары менен калтыр!

18 Алар масы тарагандан кийин бузуктук кылганын улантышат. Алардын төрөлөрү уятсыз иштерди жакшы көрүшөт.

19 Шамал аларды канаттары менен курчап алат, алар өздөрү чалган курмандыктары үчүн уят болушат.

**5-БӨЛҮМ**

**Теңирдин Эпрайым менен Жүйүттү жазалары жөнүндө**

1 Ыйык кызмат кылуучулар, муну уккула, Ысрайыл тукуму, кулак салгыла, падыша үйү, кулак төшөгүлө, себеби силердин үстүңөрдөн сот болот, анткени силер Миспада сыйыртмак, Табордо жайылган тор болдуңар.

2 Алар бузуктукка батып кетишти, бирок Мен алардын бардыгын жазалайм.

3 Мен Эпрайымды билем, Ысрайыл да Менден жашыруун эмес, анткени сен, Эпрайым, бузуктук кылып жатасың, Ысрайыл булганды.

4 Алардын иштери өз Кудайына кайрылууга жол бербейт, анткени алардын ичинде бузуктук руху бар, алар Теңирди билишпейт.

5 Ысрайылдын текебердиги өзүнө каршы күбөлөндүрүп жатат. Ысрайыл менен Эпрайым өздөрүнүн мыйзамсыздыгы үчүн мүдүрүлүшөт, алар менен бирге Жүйүт да мүдүрүлөт.

6 Алар өздөрүнүн койлору жана өгүздөрү менен Теңирди издегени чыгышат, бирок Аны табышпайт. Теңир алардан алыстап кеткен.

7 Алар Теңирге бейопалык кылышты, анткени алардан чоочун балдар төрөлдү. Эми душман аларды жаңырган айда мал-мүлкү менен кошо жеп жутат.

8 Гибада мүйүз тарткыла, Рамада сурнай тарткыла. "Бенжемин, артыңда душман!" деп, Бейт-Абенде кыйкыргыла.

9 Жазалоо күнү Эпрайым жери ээн калат. Муну Ысрайыл урууларынын арасында Мен кабарладым.

10 Жүйүттүн жол башчылары чек араларды бузуучуларга окшоп калышты: Мен аларга Өз каарымды суудай төгөм.

11 Эпрайым эзилди, жазаланып талкаланды, анткени ал жалган кудайлардын артынан жүргүсү келген.

12 Мен Эпрайым үчүн күбөдөй болом, Жүйүт үчүн курттай болом.

13 Эпрайым өз дартын, Жүйүт өз жараатын көрдү. Эпрайым Ашурга жөнөдү, Жареп падышасына чабарман жөнөттү. Бирок ал силерди сакайта албайт, силердин жараатыңарды айыктыра албайт.

14 Анткени Мен Эпрайым үчүн арстандай, Жүйүт үчүн жаш арстандай болом. Мен, Мен тыткылап туруп, кетип калам; алып кетем, эч ким куткара албайт.

15 Алар өздөрүнүн күнөөкөр экенин мойнуна алып, Менин жүзүмдү издегенге чейин, кетем, Мен Өз ордума кайтам.

**6-БӨЛҮМ**

**Эпрайым менен Жүйүттүн жалган такыбаалыгы**

1 Алар кайгы тартып жатканда, таң азандан Мени издеп, "Жүргүлө, Теңирге кайра баралы! Анткени бизди Ал тыткылады, бизди Өзү айыктырат; бизди Ал жаралады, биздин жараатыбызды Өзү таңат.

2 Бизди эки күндөн кийин тирилтет, үчүнчү күнү бизди тургузат, ошондо биз Анын алдында жашайбыз.

3 Ошондуктан таанып билели, Теңирди таанып билүүгө умтулалы. Анын келиши таңкы жарыктай, Ал бизге жамгыр сыяктуу келет, кеч жааган жамгыр сыяктуу жерди сугарат", – дешет.

4 Эпрайым, сага эмне кылайын? Жүйүт, сага эмне кылайын? Силердин адилдигиңер таңкы булуттай, эрте жок болуп кетүүчү шүүдүрүмдөй.

5 Ошондуктан Мен аларды пайгамбарлар аркылуу жонуп жылмаладым, оозумдан чыккан сөздөр менен өлтүрдүм, Менин акыйкаттыгым таңкы жарыктай.

6 Анткени Мен курмандыктарды эмес, ырайымдуулукту каалайм. Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка караганда Кудайды таанып билүүнү артык көрөм.

7 Адамга окшоп алар келишимди бузушту, ошол жерде Мага бейопалык кылышты.

8 Гилат – мыйзамсыздардын канга булганган шаары.

9 Адамды аңдыган каракчыларга окшоп, ыйык кызмат кылуучулар Шекемге бара жаткан жолдо киши өлтүрүп жатышат, жийиркеничтүү иштерди кылып жатышат.

10 Мен Ысрайылдан үрөйдү учурган нерсени көрүп турам: ал жерде Эпрайым бузуктук кылып жатат, Ысрайыл булганды.

11 Жүйүт, сен үчүн да оруу-жыюу күнү белгиленген, ал Мен элимди туткундан кайра алып келген мезгилге белгиленген.

**7-БӨЛҮМ**

1 Мен Ысрайылды дарылап жатканда, Эпрайымдын күнөөсү, Самариянын жаман иштери ачыкка чыкты. Анткени алар жалган иштерге барып жатышат. Үйлөргө уурулар кирип жатышат, көчөлөрдө каракчылар талап-тоноп жатышат.

2 Алардын жаман иштеринин баары Менин эсимде экенин алар ойлошпойт. Азыр алар өздөрүнүн иштеринин курчоосунда калышты. Алар Менин көз алдымда.

**Ысрайылдын ишенимсиздиги**

3 Алар өздөрүнүн жаман иштери менен падышаны, жалганчылыктары менен төрөлөрдү кубандырып жатышат.

4 Алар өздөрүнүн бузуктугу менен, жууруган камыры ачыганда от жакканды токтотуп койгон наабайчынын алоолонгон мешиндей болуп жалындап күйүп жатышат.

5 Биздин падышабыздын күнүндө төрөлөр шарапты мас болгончо ичип, ооруп калышты. Ал болсо шылдыңчылдарга колун сунду.

6 Алар буктурмада отуруп алышып, жүрөктөрүн меш сыяктуу даярдап жатышат: алардын наабайчысы түнү бою уктап жатат, ал эми эртең менен меш жалындаган оттой болуп күйөт.

7 Алардын бардыгы мештеги оттой жалындап күйүп, өздөрүнүн башкаруучуларын жалмап жатышат. Алардын падышаларынын бардыгы кулап жатышат, алардын арасында Мени чакырган эч ким жок.

8 Эпрайым элдер менен аралашып калды, Эпрайым оодарылбаган нанга окшоп калды.

9 Анын күч-кубатын башкалар жалмап жатышты, бирок ал байкаган жок. Анын чачын ак басты, бирок ал билген жок.

10 Ысрайылдын текебердиги өзүнө каршы күбөлөндүрүп жатат, ошонун бардыгына карабастан, алар өздөрүнүн Кудай-Теңирине кайрылышкан жок, Аны издешкен жок.

11 Эпрайым эси жок, акылсыз көгүчкөнгө окшоп калды: мисирликтерди чакырып жатышат, Ашурга бара жатышат.

12 Алар бара жатышканда, Мен алардын үстүнө Өзүмдүн торумду ыргытам. Аларды асман канаттууларына окшотуп жерге кулатып түшүрөм. Аларды өздөрүнүн жамаатына айтылгандай жазалайм.

13 Кайгы аларга! Анткени алар Менден алыстап кетишти. Алаамат аларга! Анткени алар Мага каршы чыгышты. Мен аларды куткарып турдум, алар болсо Мага каршы жалган сүйлөп жатышты.

14 Алар өз төшөгүндө онтоп жатышканда, Мени чын жүрөктөн чакырышкан жок. Алар нан менен шарап үчүн чогулушат, Менден болсо алысташат.

15 Мен аларды акылга салып турдум, алардын билегин чыңдап турдум, бирок алар Мага каршы жамандык ойлоп жатышты.

16 Алар кайрылышты, бирок Бардыгынан Жогору Турганга эмес. Алар алдамчы жаадай болуп калышты. Алардын төрөлөрү өздөрүнүн тилинин заардыгынан кылычтан кулап жатышат. Мисир жеринде алардын үстүнөн болгон шылдың ушул.

**8-БӨЛҮМ**

**Ысрайылдын бутка табынып кеткендиги үчүн ашкереленишн**

1 Сурнайды оозуңа ал! Алар Менин келишимимди бузуп, Менин мыйзамымдын чегинен чыкканы үчүн, душман Теңир үйүнө бүркүттөй болуп кол салат.

2 Алар Мага: “Кудайым! Биз, Ысрайыл, Сени таанып билдик!” – деп кыйкырышат.

3 Ысрайыл жакшы нерсени четке какты, аны душман куугунтукка алат.

4 Алар Менсиз эле падышаларды коюп жатышты. Төрөлөрдү коюп жатышты, бирок Мага билдиришкен жок. Күмүштөрү менен алтындарынан өздөрүнө буркандарды жасашты: алардын өлүмү ошондон болду.

5 Самария, сени өзүңдүн музооң таштады! Аларга Менин каарым жалындады. Качанга чейин алар тазалана алышпайт?

6 Анткени ал да – Ысрайылдын иши. Аны сүрөтчү жасады, ошондуктан ал кудай эмес. Самариянын музоосу сыныкка айланат!

7 Алар шамал себишкендиктен, бороон оруп алышат: алардын эгини дан байлабайт, даны ун бербейт, берсе да, аны башкалар жутат.

8 Ысрайыл жутулду. Азыр алар элдер арасында жараксыз идиштей болуп калышты.

9 Алар жалгыз тентип жүргөн жапайы эшектей болуп, Ашурга жөнөштү. Эпрайым белектер менен жагынды.

10 Алар башка элдерге белек жиберишкенине карабастан, Мен аларды жакында чогултам, ошондо алар төрөлөрдүн падышасынын эзүүсү астында жабыр тарта башташат.

11 Анткени Эпрайым күнөөгө батыш үчүн, курмандык чалынуучу жайларды көбөйттү, ошол курмандык чалынуучу жайлар анын күнөө кылуусуна түрткү болду.

12 Мен аларга Өзүмдүн мыйзамдарымдын негиздерин жазып бердим, бирок алар аны бөтөн мыйзам катары эсептешти.

13 Алар курмандыкка Мага арнап эт алып келишет да, аны жешет. Бирок алардын курмандыктары Теңирге жакпайт. Азыр Ал алардын кылмыштарын эстейт, аларды өздөрүнүн күнөөсү үчүн жазалайт: алар Мисирге кайтышат.

14 Анткени Ысрайыл өз Жаратканын унутту, бутканаларды курду, Жүйүт болсо чептүү шаарларды көбөйттү. Бирок Мен анын шаарларына от жиберем, ал анын падыша сарайларын жалмайт».

**9-БӨЛҮМ**

**Ысрайылдын жазаланары жөнүндө**

1 Ысрайыл, башка элдерге окшоп кубанба, шаттанба! Анткени сен өз Кудайыңдан алыстап, бузуктук кылып жатасың. Бардык кырмандарда бузуктук тартууларын алганды сүйөсүң.

2 Кырман менен жүзүм сыгылуучу жай аларды бакпайт, алардын жүзүм ширесине болгон үмүтү акталбайт.

3 Алар Теңирдин жеринде жашашпайт: Эпрайым Мисирге кайтат, алар Ашурда таза эмес нерсени жешет.

4 Алар Теңирге арнап шарап куюшпайт, Теңирге алардын курмандыктары жакпайт. Алардын наны аза күткөндөрдүн нанындай болот: аны жегендердин бардыгы булганышат, анткени алардын наны – өздөрүнүн жаны үчүн, ал Теңир үйүнө киргизилбейт.

5 Салтанаттуу жыйын күнү жана Теңирдин майрам күнү эмне кыласыңар?

6 Анткени мына, алар кыйроонун айынан качып кетишет. Мисир аларды жыйнайт, Ноп аларды көмөт. Алардын күмүштөн жасалган асыл буюмдарын чалкан басат, алардын чатырларын тикендүү өсүмдүк каптайт.

7 Жазалоо күндөрү келди, тиешеңерди бере турган күндөр келди: Ысрайыл муну билет. Мыйзамсыздыгыңардын көптүгүнөн, кастыгыңардын зордугунан улам, пайгамбарчылык кылган адамды акылсыз, Кудайдын руху жетелеген адамды акылынан адашкан дейсиңер.

8 Эпрайымдын коргоочусу – пайгамбар менин Кудайымдын жанында, пайгамбардын бардык жолдоруна тузак тартылган. Анын Кудайынын үйүндө да кастык бар.

9 Алар Гиба күндөрүндөгүдөй күнөөгө батышты, абдан бузулушту. Теңир алардын мыйзамсыздыгын эстейт, аларды өздөрүнүн күнөөлөрү үчүн жазага тартат.

**Күнөөнүн кесепети**

10 «Мен Ысрайылды чөлдөн жүзүм тапкандай таптым. Мен силердин ата-бабаларыңарды көргөндө, анжыр дарагынын биринчи мөмөсүн көргөндөй болдум, бирок алар Баал-Пейорго барып, ыпылас иштерге берилип кетишти, өздөрү да сүйгөндөрүнө окшоп жийиркеничтүү болуп калышты.

11 Эпрайымдыктардын атак-даңкы куш сыяктуу учуп кетет: бала төрөлбөйт, бойго бүтпөйт, түйүлдүк түйүлбөйт.

12 Алар өз балдарын тарбиялап чоңойтушса да, аларды тартып алам. Анткени Мен алардан четтеп кеткенде, алардын башына кайгы түшөт!

13 Мен Эпрайымдын Тирге окшоп эң жакшы жерге отургузулганын көрдүм. Бирок Эпрайым өз балдарын киши өлтүргүчкө чыгарып берет».

14 Теңир, аларга бер, аларга Сен эмне бересиң? Аларга төрөбөс жатын, сүтсүз эмчек бер.

15 «Алардын бардык мыйзамсыздыгы Гилгалда: ошол жерде Мен аларды жек көрүп калдым, Мен аларды жаман иштери үчүн Өз үйүмдөн кууп чыгарам, аларды мындан ары сүйбөйм. Алардын бардык төрөлөрү – козголоңчулдар.

16 Эпрайым кулады, алардын тамыры соолуду, эми алар жемиш беришпейт. Алар төрөсө да, Мен алардын курсагынан чыккан сүйүктүү жемишин өлтүрүп салам».

17 Кудайым аларды четке кагат, анткени алар Ага кулак салышкан жок, ошондуктан алар элдердин арасында тентип жүргөн эл болот.

**10-БӨЛҮМ**

**Ысрайылдын мыйзамсыздыгынын жемиши**

1 Ысрайыл – жемишти көп берген жүзүм сабагы. Ал өзүнүн жемиши канчалык көбөйгөн сайын, курмандык чалынуучу жайларын ошончолук көбөйттү. Анын жерлери канчалык жакшы болгон сайын, жасалма кудайларын ошончолук кооздоп жатат.

2 Алардын жүрөгү бөлүндү, ошон үчүн алар жазаланышат: алардын курмандык чалынуучу жайлары талкаланат, жасалма кудайлары кыйратылат.

3 Азыр алар: «Биздин падышабыз жок, анткени биз Теңирден корккон эмеспиз! Ал эми падыша бизге эмне кыла алат?» – деп жатышат.

4 Алар курулай сөздөрдү сүйлөп жатышат, жалган ант берип жатышат, келишимдерди түзүп жатышат. Ошон үчүн алардын үстүнөн боло турган сот талаанын бороздоруна чыккан уу чөптөй болуп өсүп чыгат.

5 «Самария тургундары Бейт-Абендеги музоо үчүн титирешет. Анын эли ал үчүн ыйлайт. Ал тууралуу кубанган анын буткана кызматчылары анын атак-даңкы жөнүндө ыйлашат, анткени андан атак-даңк кетет.

6 Ал өзү да Жареп падышага тартуу катары Ашурга жөнөтүлөт. Эпрайым уятка калат, Ысрайыл өз оюу үчүн маскара болот.

7 Самариянын падышасы суунун үстүндөгү көбүк сыяктуу жоголот.

8 Ысрайылдын күнөөсү болгон Абен бутканалары талкаланат. Алардын курмандык чалынуучу жайларына тикенек жана төө тикен өсүп чыгат. Алар тоолорго: “Бизди жапкыла!” – дешет, адырларга: “Биздин үстүбүзгө кулагыла!” – дешет.

9 Ысрайыл, сен Гиба күндөрүнөн бери күнөө кылып келе жатасың. Алар күнөө кылууну токтотушкан жок. Мыйзамсыздыктын уулдарына каршы Гибада болгон согуш бизге жетпейт деп ойлошобу?

10 Мен аларды Өзүмдүн каалоом боюнча жазалайм, аларга каршы элдер чогулат, алар өздөрүнүн эки кылмышы үчүн байлоого алынышат.

11 Эпрайым – үйрөтүлгөн, дан бастырууну жакшы көргөн кунажын, анын жоон мойнуна моюнтурукту Мен Өзүм салам. Эпрайымды минишет, Жүйүт жер айдайт, Жакып малалайт.

12 Адилеттикти сепкиле, ырайымдуулукту оруп аласынар. Дың жериңерди айдагыла, ошондо Ал келип, үстүңөргө адилдикти жамгырдай төгөт, анткени Теңирди издей турган убакыт келди.

13 Силер жамандыкты эккенсиңер, ошондуктан мыйзамсыздыкты оруп алып жатасыңар, жалганчылыктын жемишин жеп жатасыңар, анткени сен өз жолуңа жана жоокерлериңдин көптүгүнө үмүттөнгөнсүң.

14 Ошон үчүн сенин элиңдин ичинде дүрбөлөң болот, согуш күнү Шалман Бейт-Арбелди кыйраткандай, сенин бардык сепилдүү шаарларың кыйрайт: ошол согушта энеси балдары менен кошо өлтүрүлгөн.

15 Силердин чектен чыккан жаман иштериңер үчүн, Бейтел силерге мына ушуну кылат.

**11-БӨЛҮМ**

**Ашур кулчулугу**

1 Таң атканда Ысрайыл падышасы өлөт! Ысрайылды Мен жаш чагынан сүйдүм, Мен уулумду Мисирден чакырып алдым.

2 Аларды чакырып жатышты, бирок алар улам алыстап жатышты. Алар Баалга арнап курмандык чалып, буркандарга жыпар жыттуу зат түтөтүп жатышты.

3 Мен Өзүм Эпрайымга басканды үйрөткөм, аны Өз колума салып көтөрүп жүргөм, алар болсо өздөрүн айыктырып турган Мен экенимди билишкен жок.

4 Мен аларды адамдык байланыш менен, сүйүү байланышы менен алып жүрдүм, Мен алар үчүн алардын ооздугун алып салган кишидей болдум, эңкейип, аларга тамак берип турдум.

5 Ал Мисирге кайра барбайт, бирок Ашур анын падышасы болот, анткени алар Мага кайрылууну каалашкан жок.

6 Ошон үчүн анын шаарларына кылыч шилтенет, дарбазаларын талкалайт, аларды өздөрүнүн жаман ойлору үчүн жеп жутат.

7 Менин элим Менден баш тартканын койгон жок, аны жогору жакка чакырышса да, анын ичинен эч ким көтөрүлгөн жок.

**Кудайдын Өз элине боор ооруусу**

8 Эпрайым, сени кантип салып берейин? Ысрайыл, сени кантип таштап коёюн? Сага кантип Адамага кылгандай, Себоимге кылгандай кылайын? Менин жүрөгүм өзгөрүлдү, Менин бүт аёом ойгонду.

9 Мен Өзүмдүн катуу каарым боюнча кылбайм, Эпрайымды жок кылбайм, анткени Мен Кудаймын, адам эмесмин. Силердин араңарда Ыйыкмын. Мен жок кылуучу каарым менен келбейм.

10 Алар арстанга окшоп үн салган Теңирдин артынан жөнөшөт, Ал үн салганда, батыштагы уулдар титиреп келишет.

11 Алар Мисирден куштардай болуп, Ашур жеринен көгүчкөндөрдөй болуп талпынып келишет, ошондо Мен аларды үйлөрүнө киргизем, – дейт Теңир.

**Ысрайыл менен Жүйүттү айыптоо**

12 Эпрайым Мени алдамчылык менен, Ысрайыл амалкөйлүк менен курчады. Жүйүт болсо Кудайга, ишенимдүү Ыйыкка, ишенимдүү болгон жок».

**12-БӨЛҮМ**

1 Эпрайым шамалды кайтарып жүрөт, чыгыш шамалынын артынан кууп жүрөт, күн сайын жалганчылыкты жана талап-тоноону көбөйтүп жатат. Алар Ашур менен келишим түзүп жатышат, Мисирге зайтун майы жеткирилип жатат.

2 Бирок Теңир Жүйүт менен да соттошот, Ал Жакыпты жолдоруна жараша жазалайт, ага иштерине жараша тиешесин берет.

3 Ал энесинин курсагында жатканда эле бир тууганын тепкен, ал эми эр жеткенде Кудай менен кармашты.

4 Ал периште менен кармашты, аны жеңип чыкты, ыйлап, ага жалынып-жалбарды. Бейтелде Ал бизди таап, ошол жерде биз менен сүйлөштү.

5 Теңир болсо – Себайот Кудай. Жахаба – Анын ысымы.

6 Сен да өз Кудайыңа кайрыл, ырайымдуулукту, акыйкаттыкты сакта жана ар дайым Кудайыңа таян.

**Күнөөнү ашкерелөө**

7 «Канаандык адамдын колунда туура эмес тараза бар. Ал жеп калганды жакшы көрөт.

8 Эпрайым: "Мен байыдым. Өзүмө мал-мүлк жыйнап алдым, менин бардык эмгектеримден күнөө болуп эсептелген мыйзамсыз бир да нерсе таба алышпайт", – деп айтып жатат.

9 Мен болсо сен Мисир жеринен чыккандан бери сенин Кудай-Теңириңмин, сени майрам күндөрүндөгүдөй, кайрадан алачыктарга отурукташтырам.

10 Мен пайгамбарларга сүйлөдүм, аяндарды көбөйттүм жана пайгамбарлар аркылуу үлгү-насаат аңгемелерди колдондум.

11 Эгерде Гилат жараксыз нерсе болуп калса, анда анын тургундары да болбогон нерсе болуп калышты, Гилгалда букачарларды курмандыкка чалышты, алардын курмандык чалынуучу жайлары талаалардын чектеринде турган үймөк таштардай.

12 Жакып Сирия талаасына качып кетти, Ысрайыл аял үчүн кызмат кылды, аял үчүн кой кайтарды.

13 Теңир пайгамбар аркылуу Ысрайылды Мисирден алып чыкты, Ал аны пайгамбар аркылуу сактап жүрдү.

14 Эпрайым Теңирди катуу каардантты, ошон үчүн ал төккөн кандын кунун Теңир анын өз мойнуна коёт, Теңир анын шылдыңын өз башына келтирет.

**13-БӨЛҮМ**

**Кудайдын Ысрайылга каарданышы**

1 Эпрайым сүйлөгөндө, бардыгы титиреп турчу. Ал Ысрайылда жогору көтөрүлгөн, бирок Баал аркылуу күнөөгө батып өлдү.

2 Азыр да алар күнөөлөрүнө күнөө кошуп алышты. Алар өздөрүнүн түшүнүгү боюнча өздөрүнүн күмүшүнөн өздөрүнө куйма буркандарды жасашты, алардын баары – толугу менен сүрөтчүнүн колунан чыккан иш. Алар курмандык чалган адамдарга: "Букачарларды өпкүлө!" – деп жатышат.

3 Ошон үчүн алар таңкы булуттай, тез эле жок болуп кетүүчү шүүдүрүмдөй, кырмандан шамал учурган топондой, мордон чыккан түтүндөй болушат.

4 Бирок сен Мисир жеринен чыккандан бери Мен сенин Кудай-Теңириңмин. Ошондуктан сен Менден башка кудайды билбешиң керек, Менден башка Куткаруучу жок.

5 Мен сени чөлдө, какшыган жерде таанып билдим.

6 Жайыты бар алар ток эле. Тойгондуктан алардын жүрөгү текеберденди, ошондо алар Мени эстеринен чыгарып коюшту.

7 Ошон үчүн Мен аларга арстандаймын, кабыланга окшоп жолдо аңдып турам.

8 Мен аларга мамалактарынан ажыраган ургаачы аюудай кол салам, алардын көөдөнүн жарып салам, Мен аларды ошол жерде ургаачы арстандай болуп жеп салам, аларды талаа жырткычтары тытып кетишет.

9 Сен өзүңдү өлтүрдүң, Ысрайыл, анткени сен өзүңдүн таянычың болгон Мага каршы чыктың!

10 Сени куткара турган падышаң азыр кайда? Сенин бардык шаарларыңдагы башчыларың кайда? Сен алар жөнүндө "Мага падыша жана башчыларды бер!" деп айткансың.

11 Ошондо Мен сага каарым менен падыша бердим, анан аны ачуум менен тартып алдым.

12 Эпрайымдын мыйзамсыздыгы түйүнчөккө түйүлүп турат, анын күнөөсү сакталып турат.

13 Ал төрөп жаткан аялдай кыйналат. Ал – акылсыз уул, болбосо ал өзүнүн төрөлүүсүн создуктурмак эмес.

14 Мен аларды өлгөндөр жаткан жайдын бийлигинен кун төлөп куткарам, аларды өлүмдөн куткарам. Өлүм! Сенин уу тишиң кайда? Өлгөндөр жаткан жай! Сенин жеңишиң кайда? Өкүнүү көздөрүмдөн жашыруун.

15 Эпрайым бир туугандарынын арасында жемиштүү болсо да, чыгыш шамалы, чөлдөн көтөрүлгөн Теңир шамалы, келет, ошондо анын булагы соолуйт, башаты какшыйт: ал шамал бардык кымбат баалуу нерселер сакталган казынаны кыйратат.

**14-БӨЛҮМ**

1 Самария бүлгүнгө учурайт, анткени өз Кудайына каршы чыкты: алар кылычтан кулашат, алардын наристелери кылыч менен кыя чабылат, кош бойлуу аялдары жара чабылат.

**Теңирге кайрылууга чакыруу**

2 Ысрайыл, өзүңдүн Кудай-Теңириңе кайрылып кел, анткени сен өзүңдүн мыйзамсыздыгыңдын айынан мүдүрүлүп жыгылдың.

3 Өзүңөр менен кошо сөздөрдү алып, Теңирге кайрылып келгиле, Ага мындай дегиле: "Бардык мыйзамсыздыгыбызды кечир, бизге жакшылык кыл, ошондо биз Сага ооз курмандыгын чалабыз.

4 Ашур эми бизди куткарбайт. Мындан кийин атка минбейбиз, мындан ары колубуз менен жасаган буюмдарды «биздин кудайларыбыз» деп атабайбыз, анткени жетимдер Сенден гана ырайым табышат".

**Кудайдын сүйүүсү**

5 Алардын баш тартуучулугун дарылайм, аларды Өз каалоом менен сүйөм, анткени Менин каарым алардан бурулду.

6 Мен Ысрайылга шүүдүрүм болом. Ал лилиядай болуп гүлдөйт, Лебанон сыяктуу тамыр жаят.

7 Анын бутактары жайылат, ошондо анын сулуулугу зайтун дарагындай болот, андан Лебанондун жытындай жыпар жыт чыгат.

8 Анын көлөкөсүндө отургандар кайтып келишет, эгин өстүрүшөт, өздөрү жүзүм сабактары сыяктуу гүл ачышат, анын жыты Лебанон шарабындай болот.

9 "Эми буркандар менен эмне ишим бар?" – дейт Эпрайым. Мен аны угам, ага назарымды салам. Мен түбөлүк көгөрүп турган кипаристей болом: сенин жемиштериң Менден болот.

10 Акылдуу адам муну түшүнсүн, даанышман адам муну билсин. Анткени Теңирдин жолдору туура, ал жолдор менен адил адамдар жүрүшөт, ал эми мыйзамсыздар ал жолдордо мүдүрүлүшөт».

**ЖОЕЛ**

**1-БӨЛҮМ**

**Жалпы элдин кайгысы**

1 Петуел уулу Жоелге болгон Теңирдин сөзү.

2 «Карыялар, муну уккула, бул жердин бардык тургундары, кулак салгыла: силердин тушуңарда же ата-бабаңардын тушунда ушундай болду беле?

3 Муну балдарыңарга айткыла, ал эми балдарыңар өз балдарына айтышсын, алардын балдары болсо кийинки муунга айтышсын:

4 кырк аяктан калганды чегиртке жеди, чегирткеден калганды курт жеди, ал эми курттан калганды коңуз жеди.

5 Ойгонгула, ичкичтер, ыйлагыла, шарап ичкендердин баары, жүзүм ширесин жоктоп, боздоп ыйлагыла. Анткени ал силердин оозуңардан тартылып алынды!

6 Анткени менин жериме күчтүү, сан жеткис бир эл келди. Анын тиштери арстандын тиштериндей, азуулары ургаачы арстандыкындай.

7 Ал менин жүзүм сабагымды кыйратты, менин анжыр дарагымды сындырды, аны жылаңачтап сыйрып ыргытып жиберди, ошондо анын бутактары агарып калды».

8 Жаш кезинде тийген күйөөсүн жоктогон жаш аялдай зумбал жамынып ыйла!

9 Теңир үйүнө алып келинүүчү нан курмандыгы менен куюлуучу курмандыктар токтоду. Ыйык кызмат кылуучулар, Теңирдин кызматчылары, ыйлап жатышат.

10 Талаа ээн калып, жер кайгырып жатат, анткени дан жок болду, жүзүм сабагы куурады, зайтун дарагы соолуду.

11 Дыйкандар, уяттан бетиңер кызарсын, жүзүмчүлөр, ыйлагыла, буудай менен арпаны жоктоп ыйлагыла, анткени талаадагы түшүм жок болду.

12 Жүзүм сабагы куурады, анжыр дарагы соолуду. Анар, курма жана алма бактары – талаадагы бүт дарактар куурап калды. Ошондуктан адам баласынан кубаныч жоголду.

13 Ыйык кызмат кылуучулар, белиңерди курчагыла, ыйлагыла, курмандык чалынуучу жайдын кызматчылары, боздоп ыйлагыла! Менин Кудайымдын кызматчылары, келгиле, зумбал кийип түн өткөргүлө. Анткени силердин Кудайыңардын үйүнө алып келинүүчү нан курмандыктары менен куюлуучу курмандыктар токтоду.

14 Орозо белгилегиле, жыйын жарыялагыла, бул өлкөнүн карыяларын, бардык тургундарын Кудай-Теңириңердин үйүнө чакыргыла, Теңирге жалынгыла.

15 Оо, эмне деген күн! Анткени Теңирдин күнү жакын! Ал Кудуреттүүдөн кыйратуучу катары келет.

16 Тамак биздин көз алдыбызда тартылып алынып жаткан жокпу? Шаттык менен кубаныч биздин Кудайдын үйүнөн тартылып алынып жаткан жокпу?

17 Уруктар топурактын катмарында чирип калды, дан сактагычтар бош калды, кампалар талкаланды, анткени эгин болбой калды.

18 Мал кандай онтоп жатат! Өгүздөр тентип жүрүшөт, анткени аларга жайыт жок, койлор да жапа чегип жатышат.

19 Теңир, Сага жалынам, анткени талаадагы оттуу жайыттарды от жалмап салды, талаадагы дарактардын бардыгын жалын куйкалап кетти.

20 Атүгүл, талаадагы жаныбарлар да Сени чакырып жатышат, анткени агын суулар соолуду, талаадагы жайыттарды от жалмап салды.

**2-БӨЛҮМ**

**Теңирдин күнү**

1 «Сиондо сурнай тарткыла, Менин ыйык тоомдо чуу көтөргүлө. Жердин бардык тургундары титиресин, анткени Теңирдин күнү келе жатат, анткени ал жакын.

2 Ал – караңгылыктын жана караңгынын күнү, ал – булуттуу жана тумандуу күн. Тоолордун үстүнө чачыраган таңкы жарыктай болуп, сансыз көп жана күчтүү бир эл келе жатат, мындай эл кылымдардан бери болгон эмес, мындан ары да, укумдан-тукумга болбойт.

3 Анын алдындагы от жалмап жатат, ал эми артындагы жалын куйкалап жатат. Жер анын алдында Эйден багы сыяктуу, ал эми анын артында ээн калган талаа сыяктуу, андан качып кутулган эч ким жок.

4 Анын көрүнүшү аттардын көрүнүшүндөй, алар атчан аскерлердей чаап келе жатышат.

5 Алар тоолордун чокусундагы арабалардын дүңгүрөгөн добушундай, саманды жалмаган жалындаган оттун чартылдагындай, согушка тизилген күчтүү элдей чаап келе жатышат.

6 Аны көргөндө, элдер титиреп жатышат, бардыгынын өңү кумсарып жатат.

7 Алар жоокерлерге окшоп жүгүрүп келе жатышат, эр жүрөк аскерлерге окшоп дубалдарга чыгып жатышат, ар бири өз жолу менен келе жатат, өз жолунан адашпай келе жатат.

8 Алар бири-бирин жөөлөбөй, ар бири өз жолу менен келе жатат, найзаларга жыгылып жатышат, бирок эч кандай зыянга учурашкан жок.

9 Шаарды аралап чуркап жүрүшөт, дубалдарга чыгып жатышат, үйлөрдүн үстүнө чыгып жатышат, ууруларга окшоп терезелерден кирип жатышат.

10 Алардын алдында жер титиреп жатат, асман солкулдап жатат, күн менен ай күңүрттөнүп жатат, жылдыздар да өз жарыгын жоготуп жатат».

11 Теңир Өз аскерлеринин алдында үн салып жатат, анткени Анын кошууну сансыз, Анын сөзүн аткаруучу өтө кубаттуу. Анткени Теңирдин күнү улуу жана өтө коркунучтуу, ага ким туруштук бере алат?

**Кудайдан кечирим суроого чакыруу**

12 Бирок Теңир азыр да: «Мага бүт жүрөгүңөр менен, орозо менен, ый менен, өкүрүк менен кайрылгыла», – деп жатат.

13 Кийиминерди эмес, жүрөгүңөрдү тыткыла, Кудай-Теңириңерге кайрылгыла, анткени Ал жакшы жана боорукер, чыдамдуу жана абдан ырайымдуу, Ал алаамат жибергени үчүн өкүнөт.

14 Ким билет, балким, Ал боор ооруп, силердин Кудай-Теңирге арнаган нан курмандыгыңарды, куюлуучу курмандыгыңарды – батасын калтырар.

15 Сиондо сурнай тарткыла, орозо белгилегиле, жыйын жарыя кылгыла.

16 Элди чогулткула, жыйын чакыргыла, карыяларды чакыргыла, жаш уландарды, эмчектеги наристелерди чогулткула. Күйөө өз үйүнөн, колукту өз бөлмөсүнөн чыгып келсин.

17 Теңир үйүнүн кире бериш бөлмөсү менен курмандык чалынуучу жайдын ортосунда ыйык кызмат кылуучулар, Теңирдин кызматчылары: «Теңир, Өз элиңди ая, Өз мурасыңды шылдыңга калтырба, башка элдер аны кордошпосун! Элдер арасында “Булардын Кудайы кайда?” деп айтылган сөздүн эмне кереги бар?» – деп ыйлашсын.

**Теңирдин куткарууну убада кылышы**

18 Ошондо Теңир Өз жерине жан тартты, Өз элин аяды.

19 Теңир Өз элине мындай деп жооп берди: «Мына, Мен силерге дан, шарап жана зайтун майын жиберем, аларга тоёсуңар, мындан ары силерди башка элдерге шылдың кылдырбайм.

20 Түндүктөн келген душманды силерден алыстатып, суусуз, ээн жерге кууп жиберем, анын алды жактагы аскерин чыгыш деңизине, арт жактагы аскерин батыш деңизине кууп жиберем, ошондо андан өтө сасык жыт чыгат, андан каңырсыган жыт көтөрүлөт, анткени ал көп жамандык жасады.

21 Жер, коркпо! Кубан, шаттан, анткени улуу Теңир муну кыла алат!

22 Коркпогула, жаныбарлар, анткени чөлдөгү жайыттар көгөрөт, дарак өз мөмөсүн берет, анжыр менен жүзүм сабагы өз күчүн көрсөтөт.

23 Силер да, Сион уулдары, Кудай-Теңириңер жөнүндө кубангыла, шаттангыла, анткени Ал Өзүнүн ырайымы менен силерге жамгыр берет, силерге эрте жамгыр менен кеч жамгырды мурункудай жаадырат.

24 Кырмандар данга толот, жүзүм сыгылуучу жай жүзүмгө, май сыккыч майга толот.

25 Силерге каршы жиберген Өзүмдүн калың аскерим болгон чегиртке, курт, коңуз жана кырк аяк ошол жылдары жеп койгон бардык нерсенин ордун толтурам.

26 Тойгончо жейсиңер, тоёсуңар, силерге керемет көрсөткөн Кудай-Теңириңердин ысымын даңктайсыңар, Менин элим түбөлүккө шылдың болбойт.

27 Ошондо Менин Ысрайылдын арасында экенимди, силердин Кудай-Теңириңер экенимди, Менден башка Кудай жок экенин билесиңер, Менин элим түбөлүккө шылдың болбойт.

**Теңирди чакыргандардын куткарылары жөнүндө**

28 Ошондон кийин мындай болот: Мен ар бир адамдын үстүнө Өз Рухумду төгөм, ошондо уулдарыңар менен кыздарыңар пайгамбарчылык кылышат, карыяларыңар түш көрүшөт, жаш балдарыңар көрүнүш көрүшөт.

29 Ошол күндөрү Мен кулдардын үстүнө да, күңдөрдүн үстүнө да Өз Рухумду төгөм.

30 Асманда да, жерде да жышаандарды көрсөтөм, алар: кан, от жана көтөрүлгөн түтүн.

31 Теңирдин улуу, коркунучтуу күнү келер алдында күн караңгылайт, ай кандай болуп кызарат.

32 Ошондо мындай болот: Теңирдин ысымын чакырган ар бир адам куткарылат, анткени Теңир айткандай, Сион тоосунда жана Иерусалимде куткарылуу болот, Теңир Өзү чакырган адамдар да куткарылышат.

**3-БӨЛҮМ**

**Жошапаттын өрөөнүндөгү жаза**

1 Анткени мына, ошол күндөрдө жана дал ошол мезгилде, Жүйүт менен Иерусалимдин туткундарын кайра алып келгенде,

2 Мен бардык элдерди чогултам, аларды Жошапаттын өрөөнүнө алып келем. Менин элимди, Менин мурасым Ысрайылды, башка элдердин арасына чачыратып жиберишкени үчүн, Менин жеримди бөлүп алышканы үчүн, ошол жерде Мен аларды соттойм.

3 Алар Менин элим үчүн өкчөмө таш ыргытышты, уландарды берип, бузулган аялдарды сатып алышты, кыздарды сатып, шарап алып ичишти.

4 Тир, Сидон, Пелиштинин бүт аймагы, силерге Менден эмне керек? Мени жазалагыңар келеби? Менден өч алгыңар келеби? Мен силердин жазаңарды оңой эле, тез эле өз башыңарга салам,

5 анткени силер Менин күмүшүмдү, Менин алтынымды алдыңар, Менин эң кымбат асыл буюмдарымды бутканаларыңарга киргизип алдыңар.

6 Жүйүт жана Иерусалим уулдарын өз жеринен алыстатыш үчүн, эллин уулдарына саттыңар.

7 Мына, силер аларды кайсы жерге сатып жиберсеңер, Мен аларды ошол жерден алып чыгам, аларга кылганыңарды өз башыңарга салам.

8 Уулдарыңар менен кыздарыңарды Жүйүт уулдарынын колуна салып берем, Жүйүт уулдары аларды алыста жашаган Шеба элине сатып жиберишет. Теңир ушинтип айтты.

9 Муну элдер арасында жар салгыла, согушка даярдангыла, эр жүрөк жоокерлерди козгогула. Бүт аскерлер көтөрүлүп, согушка чыгышсын.

10 Соколоруңарды кылыч кылып, орокторуңарды найза кылып кайра согуп чыккыла. Алсыз “Мен күчтүүмүн!”» десин.

11 Тездегиле, келгиле, тегеректеги бардык элдер, чогулгула. Теңир, Өз баатырларыңды ошол жерге баштап бар.

12 «Бардык элдер көтөрүлүп, Жошапаттын өрөөнүнө түшүшсүн, анткени ар тараптан келген бардык элдерди соттош үчүн, Мен ошол жерде отурам.

13 Орогуңарды алып, оро баштагыла, анткени түшүм жыйноо убагы келди. Келгиле, тебелегиле, анткени жүзүм сыгылуучу жай толду, шарап куйган идиштер ашып-ташып турат, анткени алардын жаман иштери көп.

14 Калың эл, сот боло турган өрөөндө калың эл! Анткени сот боло турган өрөөнгө Теңирдин күнү жакын!

15 Күн менен ай күңүрттөнөт, жылдыздар өз жарыгын жоготушат».

**Ысрайылдын батага ээ болушу**

16 Теңир Сиондон күркүрөйт, Иерусалимден үн салат. Асман менен жер солкулдайт. Бирок Теңир Өз элине коргонуч болот, Ысрайыл уулдарына калканыч болот.

17 «Ошондо Өзүмдүн ыйык тоом Сиондо жашаган Кудай-Теңириңер Мен экенимди билесиңер. Иерусалим ыйык жай болот, ошондон кийин ал аркылуу бөтөн уруулар өтүшпөйт.

18 Ошол күнү тоолордон шарап тамат, адырлардан сүт агат, Жүйүттүн бардык сайлары сууга толот, ал эми Теңир үйүнөн булак суусу агып чыгып, Шитим өрөөнүн сугарат.

19 Мисир чөлгө айланат, Эдом ээн талаага айланат, анткени алар Жүйүт уулдарын кысымга алышкан, алардын жеринде жазыксыз кан төгүшкөн.

20 Жүйүт болсо түбөлүк жашайт, Иерусалим кылымдан кылымга жашайт.

21 Мен алардын каны үчүн буга чейин албаган өчүмдү алам, анткени Теңир Сиондо жашайт».

**АМОС**

**1-БӨЛҮМ**

**Кудайдын соту жөнүндө пайгамбарчылык**

1 Текоялык койчулардын бири Амостун сөздөрү. Ал Жүйүт падышасы Узиянын тушунда, Ысрайыл падышасы Жааштын уулу Жаробамдын тушунда, жер титиреден эки жыл мурун Ысрайыл тууралуу көрүнүш көргөн.

2 Ошондо ал: «Теңир Сиондон күркүрөйт, Иерусалимден үн салат, ошондо койчулардын жайыттары куурайт, Кармел тоосунун чокусу кургайт», – деди.

3 Теңир мындай дейт: «Кылган үч кылмышы үчүн, төрт кылмышы үчүн Дамаскты аябайм, анткени алар Гилатты темир мала менен малалашты.

4 Хазаелдин үйүнө от жиберем, ал от Бенадаттын падыша сарайларын жалмайт.

5 Дамасктын дарбазаларынын бекиткичтерин талкалайм, Абен өрөөнүнүн тургундарын жана Эден үйүнөн бийлик таягын кармап турганды жок кылам, арамейлер Кирге туткундалып кетет, – дейт Теңир».

6 Теңир мындай дейт: «Кылган үч кылмышы үчүн, төрт кылмышы үчүн Азаны аябайм, анткени алар бүт элди Эдомдун колуна салып берүү үчүн туткундашты.

7 Азанын дубалдарына от жиберем, ал от анын падыша сарайларын жалмайт.

8 Азоттун тургундарын да, Ашкелондо бийлик таягын кармап турганды да жок кылам, колумду Экронго бурам, ошондо пелиштиликтердин калдыгы кырылат, – дейт Кудай-Теңир».

9 Теңир мындай дейт: «Кылган үч кылмышы үчүн, төрт кылмышы үчүн Тирди аябайм, анткени алар бардык туткундарды Эдомдун колуна салып беришти, бир туугандык келишимди эстешкен жок.

10 Тирдин дубалдарына от жиберем, ал от анын падыша сарайларын жалмайт».

11 Теңир мындай дейт: «Кылган үч кылмышы үчүн, төрт кылмышы үчүн Эдомду аябайм, анткени ал бир тууганын кылыч менен кубалады, бир туугандык сезимин өчүрдү, ал дайыма каарданып турду, өзүнүн жаалын таптакыр токтоткон жок.

12 Тейманга от жиберем, ал от Ботсранын падыша сарайларын жалмайт».

13 Теңир мындай дейт: «Кылган үч кылмышы үчүн, төрт кылмышы үчүн Амон уулдарын аябайм, анткени алар өз жерлерин кеңейтиш үчүн, Гилат жериндеги кош бойлуу аялдардын ичин жара чабышты.

14 Рабенин дубалдарына от коём, ал от анын үйлөрүн салгылашуу күнүндө кыйкырыктар менен, бороон-чапкын күнүндө куюн менен жалмайт.

15 Ошондо алардын падышасы төрөлөрү менен бирге туткундалып кетет, – дейт Теңир».

**2-БӨЛҮМ**

1 Теңир мындай дейт: «Кылган үч кылмышы үчүн, төрт кылмышы үчүн Маапты аябайм, анткени ал Эдом падышасынын сөөгүн акиташтай болгуча өрттөдү.

2 Маапка от жиберем, ал от Кериоттун падыша сарайларын жалмайт. Ошентип, Маап сурнай тартылып, ызы-чуу, бүлгүн болуп жатканда өлөт.

3 Алардын арасынан башкаруучусун жок кылам, аны менен бирге анын бардык төрөлөрүн өлтүрөм», – дейт Теңир.

**Жүйүт менен Ысрайылдын жазаланары жөнүндө**

4 Теңир мындай дейт: «Кылган үч кылмышы үчүн, төрт кылмышы үчүн Жүйүттү аябайм, анткени алар Теңирдин мыйзамдарын четке кагышты, Анын көрсөтмөлөрүн сакташкан жок, ата-бабалары табынган буркандар аларды жолдон чыгарышты.

5 Жүйүткө от жиберем, ал от Иерусалимдин падыша сарайларын жалмайт».

6 Теңир мындай дейт: «Кылган үч кылмышы үчүн, төрт кылмышы үчүн Ысрайылды аябайм, анткени алар адилет адамды күмүшкө, жакырды бир жуп сандалга сатышат.

7 Алар жакырлардын башын топуракка матырууну көксөшөт, момундарды жолдон чыгарышат, атүгүл, Менин ыйык ысымымды булгаш үчүн, атасы менен уулу бир аялга барат.

8 Ар кайсы курмандык чалынуучу жайдын жанында, күрөөгө алынган кийимдердин үстүндө жамбаштап жатышат, айыпкерлерден төлөтүлүп алынган шараптарды өз кудайларынын үйүндө ичишет.

9 Мен болсо алардын көз алдында бийиктиги кедр дарагындай, бекемдиги эмен дарагындай болгон Аморду өлтүрдүм. Мен анын башындагы мөмөсүн, түбүндөгү тамырларын жок кылдым.

10 Мен силерди Мисир жеринен алып чыктым, аморлуктардын жерин мурастап калышыңар үчүн, силерди чөлдө кырк жыл алып жүрдүм.

11 Мен силердин уулдарыңардан пайгамбарларды, уландарыңардан назирлерди чыгардым. Же ушундай эмеспи, Ысрайыл уулдары? – дейт Теңир.

12 Силер болсо назирлерге шарап ичирдиңер, пайгамбарларга: "Пайгамбарлык кылбагыла!" – деп буйрук бердиңер.

13 Боолор жүктөлгөн араба жерди кандай басса, Мен да силерди ошондой басам.

14 Ошондо шамдагай да качып кутула албайт, күчтүү да өзүнүн күчүн көрсөтө албайт, эр жүрөк жоокер да өз өмүрүн сактап кала албайт,

15 жаа тарткыч да туруштук бере албайт, жөө күлүк да качып кете албайт, атчан да өз өмүрүн сактап кала албайт,

16 эр жүрөктөрдүн эң кайраттуусу ошол күнү жылаңач качат», – дейт Теңир.

**3-БӨЛҮМ**

**Теңирдин Жакыптын тукумуна каршы өкүм чыгарышы**

1 «Ысрайыл уулдары, Теңирдин силерге каршы айткан сөзүнө кулак салгыла, Мен Мисир жеринен алып чыккан бардык урууга каршы мындай дейм:

2 “Жердеги бардык уруулардын ичинен Мен силерди гана тандап алдым, ошондуктан бардык мыйзамсыздыгыңар үчүн Мен силерди жазалайм”.

3 Эки адам өз ара макулдашпай туруп жолго чыгабы?

4 Алдында жем жок болсо, токойдо арстан ырылдайбы? Эч нерсе кармабаса, жаш арстан үңкүрүнөн үн салабы?

5 Жердеги тордо жем жок болсо, куш торго түшөбү? Торго эч нерсе түшпөсө, тор жерден көтөрүлөбү?

6 Шаарда сурнай тартылганда, эл коркпой коймок беле? Теңир жол бербесе, шаарда алаамат болмок беле?

7 Анткени Кудай-Теңир Өз кулдары – пайгамбарларга Өзүнүн жашыруун сырын ачпай туруп, эч нерсе жасабайт.

8 Арстан айкыра баштаганда, ким солк этпейт? Кудай-Теңир сүйлөгөндө, ким пайгамбарлык кылбайт?

9 Азоттогу жана Мисир жериндеги чептердин үстүнөн: “Самария тоолоруна чогулгула, анын ичиндеги чектен чыккан баш аламандыкты, ал жердеги ырайымсыздыкты көргүлө”, – деп жар салгыла.

10 Алар адилеттик боюнча иш кылганды билишпейт, – дейт Теңир, – алар үйлөрүнө зордук-зомбулук жана талап-тоноочулук менен байлык жыйнашат».

11 Ошондуктан Кудай-Теңир мындай дейт: «Мына душман бүт жерди курчайт! Ал сенин күчүңдү алсыратат, сенин үйлөрүң таланып-тонолот».

12 Теңир мындай дейт: «Койчу арстандын оозунан койдун эки шыйрагын же кулагынын бир бөлүгүн кандай сууруп алса, Самарияда төшөгүнүн бир четинде отурган, Дамаскта төшөгүнүн үстүндө жаткан Ысрайыл уулдары ошондой куткарылышат.

13 Уккула, Жакыптын тукумуна каршы күбөлөндүргүлө, – дейт Кудай-Теңир, Себайот Кудай.

14 Анткени Мен Ысрайылды өз кылмыштары үчүн жазага тарткан күнү Бейтелдеги курмандык чалынуучу жайлары үчүн да жазага тартам, ошондо курмандык чалынуучу жайдын мүйүздөрү кыйылып, жерге түшөт.

15 Мен кышкы үйдү жайкы үй менен кошо кыйратам, пил сөөгү менен кооздолгон үйлөр талкаланат, көп үйлөр жок кылынат, – дейт Теңир».

**4-БӨЛҮМ**

1 Самария тоосундагы Башан кунажындары, силер, кедей-кембагалдарды кысымга алгандар, жакырларды эзгендер, өз мырзаларына: «Алып кел, ичели!», – дегендер, бул сөздү уккула!

2 «Силерди илмектер менен, тирүү калгандарды кайырмактар менен сүйрөп кете турган күндөр келет деп, Кудай-Теңир Өзүнүн ыйыктыгы менен ант берди.

3 Ошондо баарыңар дубалдын тешиктеринен чыгып, Армон тоолоруна ыргытыласыңар, – дейт Теңир.

**Ысрайылдын тоң моюндугу**

4 Бейтелге баргыла да күнөөгө баткыла, Гилгалга жөнөгүлө да кылмышыңарды көбөйткүлө. Курмандыгыңарды ар бир таңда чалгыла, ал тургай, ондуктарыңарды үч күндө бир алып баргыла.

5 Ыраазычылык курмандыгына ачыткы кошулган курмандыкты алып келгиле, өз каалооңор менен алып келген тартууларыңар жөнүндө жарыя кылгыла, алар жөнүндө жар салгыла, анткени, Ысрайыл уулдары, силер ушундай кылганды жакшы көрөсүңөр,– дейт Кудай-Теңир.

6 Ошон үчүн Мен силерге бардык шаарларыңарда таза тиштерди бердим, бардык айыл-кыштактарыңарда нанды тартыш кылдым. Бирок силер Мага кайрылган жоксуңар, – дейт Теңир.

7 Оруп-жыюуга дагы үч ай бар болсо да, Мен жамгыр жаадырган жокмун, бир шаарга жамгыр жаадырдым, ал эми экинчи шаарга жамгыр жаадырган жокмун. Бир жер жамгырга сугарылды, ал эми жамгырга сугарылбаган жер кургады.

8 Ошондо суу ичиш үчүн, эки-үч шаардын эли бир шаарга чогулуп жатты, бирок суусундарын кандыра иче алышкан жок. Ошондо да силер Мага кайрылган жоксуңар, – дейт Теңир.

9 Мен силерди эгиниңерге дат каптатып, аны саргартып жазаладым. Көп сандаган жемиш бактарыңарды, жүзүмзарларыңарды, анжыр дарактарыңарды, зайтун дарактарыңарды кырк аяк жеди, ушунун бардыгына карабастан, силер Мага кайрылган жоксуңар, – дейт Теңир.

10 Мен силерге Мисирге жибергендей жугуштуу оору жибердим, уландарыңарды кылыч менен өлтүрдүм, аттарыңарды туткундап кеттим, кошуундарыңардан чыккан сасык жыт каңылжаарыңарды жарды, ушунун бардыгына карабастан, силер Мага кайрылган жоксуңар, – дейт Теңир.

11 Содом менен Аморду кандай кыйратсам, Мен силерди ошондой кыйраттым, ошондо силер оттон алынган чычаладай болдуңар, ушунун бардыгына карабастан, силер Мага кайрылган жоксуңар, – дейт Теңир.

12 Ошон үчүн, Ысрайыл, Мен сага ушундай кылам. Мен сага ушундай кылганы жаткандыктан, Ысрайыл, сен өз Кудайың менен жолугушууга даярдан.

13 Анткени Ал – тоолор менен шамалды жараткан, ойлорун адамга билдирген, таңкы жарыкты караңгылыкка айланткан, жердин бийиктиктеринде басып жүргөн Теңир, Анын ысымы – Себайот Кудай-Теңир».

**5-БӨЛҮМ**

**Теңирге кайрылууга чакыруу**

1 Ысрайыл, мына бул сөзгө, силер тууралуу кошогума кулак салгыла:

2 Ысрайыл кызы жыгылды, эми ал мындан ары турбайт! Ал өз жеринде кулатылды, аны тургузар эч ким жок».

3 Анткени Кудай-Теңир: «Ысрайылда миң аскери менен чыккан шаардын жүз аскери гана калат, жүз аскери менен чыккан шаардын он аскери гана калат», – деп жатат.

4 Анткени Теңир Ысрайылга мындай деп жатат: «Мени издегиле, ошондо тирүү болосуңар.

5 Бейтелди издебегиле, Гилгалга барбагыла, Бейер-Шебага өтпөгүлө, анткени Гилгал бүт бойдон туткунга кетет, Бейтел болсо жок болот».

6 Теңирди издегиле, ошондо тирүү болосуңар, Анын каары Жусупка от сыяктуу жалындап, аны жалмап салбасын, Бейтелде ал отту өчүрө турган эч ким болбойт.

7 Оо, силер, адилеттикти эрменге айланткандар, чындыкты тебелегендер!

8 Жети Аркар жана Алты Аркар топ жылдыздарын ким жаратты, өлүм көлөкөсүн жарык таңга ким айлантат, күндү ким түндөй караңгы кылат, ким деңиз сууларын чакырып, жер бетине төгөт? Анын ысымы – Теңир!

9 Ал кыйратуучуну күчтүүгө каршы чыңдайт, ошондо кыйратуучу сепилге кирет.

10 Алар болсо дарбазанын алдында ашкере кылган адамды жек көрүшөт, чындыкты сүйлөгөн адамдан жийиркенишет.

11 Силер жакырды тебелеп-тепсеп, анын нанынын жакшысын тартып алып жатканыңар үчүн, жылмаланган таштардан үйлөрдү курсаңар да, ал үйлөрдө жашабайсыңар, эң сонун жүзүмзарларды өстүрсөңөр да, алардын шарабын ичпейсиңер.

12 «Анткени Мен силердин кылмышыңар канчалык көп экенин, күнөөлөрүңөрдүн кандай оор экенин билем: силер адил адамдын душманысыңар, пара алып, сотто кедей-кембагалдардын иштерин бурмалайсыңар».

13 Ошондуктан акыл-эстүү адам бул мезгилде унчукпайт, анткени бул – жаман мезгил.

14 Тирүү калыш үчүн, жамандыкты эмес, жакшылыкты издегиле. Ошондо өзүңөр айтып жаткандай, Себайот Кудай-Теңир силер менен болот.

15 Жамандыкты жек көргүлө, жакшылыкты сүйгүлө, дарбазаңардын алдында акыйкаттыкты жактагыла. Балким, Себайот Кудай-Теңир Жусуптун калдыгына ырайым кылар.

16 Ошондуктан Бардыгын Кармап Туруучу, Себайот Кудай-Теңир, мындай дейт: «Бардык аянттарда ый болот, бардык көчөлөрдө: "Аттиң! Аттиң!" – деп кыйкырышат. Дыйканды өкүргөнгө, мыкты кошокчуларды кошок кошконго чакырышат.

17 Бардык жүзүмзарларда ый болот, анткени Мен сени аралап өтөм, – дейт Теңир.

18 Теңирдин күнүн каалагандарга кайгы! Силерге Теңирдин ал күнүнүн эмне кереги бар? Ал күн – жарык эмес, караңгы күн.

19 Ал күн – арстандан качкан адамдын алдынан аюу чыккандай, же үйүнө келип, колу менен дубалга таянган адамды жылан чаккандай болгон күн.

20 Эмне, Теңирдин күнү караңгы эмеспи, жарыкпы? Ал караңгы, анда жаркыроо да жок.

21 Силердин майрамдарыңарды четке кагам, аларды жек көрөм, салтанаттуу жыйындарыңарда чалган курмандыктарыңарды жыттабайм.

22 Мага бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык жана нан курмандыгын алып келсеңер да, Мен аларды кабыл албайм жана семиз букачарлардан чалган тынчтык курмандыгыңарды карабайм.

23 Ырларыңдын үнүн Менден алыс кыл, анткени Мен сенин арфаларыңдын үнүн укпайм.

24 Акыйкаттык суудай, чындык тынбай аккан дарыядай агып турсун!

25 Ысрайыл, силер чөлдө жүргөн кырк жыл ичинде Мага арнап курмандыктарды, нан курмандыктарын чалдыңар беле?

26 Силер Молохтун чатырын жана өзүңөр үчүн жасап алган кудайыңардын жылдызы болгон Райпан бурканыңарды көтөрүп жүрдүңөр.

27 Ошон үчүн Мен силерди Дамасктан ары көчүрүп жиберем, – дейт Теңир. Анын ысымы – Себайот Кудай!

**6-БӨЛҮМ**

**Ысрайылдын талкаланышы**

1 Сиондо бейкапар жаткан, Самария тоосуна үмүттөнүп бейгам жаткан, элдердин арасында биринчилер деп аталган, Ысрайыл тукуму келип турган адамдарга кайгы!

2 Калнейге өткүлө да, карап көргүлө. Ал жерден улуу Хаматка баргыла, анан пелиштиликтердин Гат шаарына түшкүлө. Алар бул падышачылыктардан жакшы бекен? Алардын жери силердин жериңерден кенен бекен?

3 Силер алаамат күндү алыс деп эсептеп, зомбулуктун бийлигин жакындатып жатасыңар,

4 пил сөөгүнөн жасалган сөрүдө жатасыңар, төшөктө керилип жатасыңар, койлордун эң жакшысын, оттуу жайыттагы букачарларды жеп жатасыңар,

5 гуслинин коштоосунда ырдап, аспапта Дөөткө окшоп ойнойбуз деп ойлойсуңар,

6 шарапты ченебей ичип, эң жакшы майлар менен майланасыңар, Жусуптун кайгысын бөлүшпөйсүңөр!

7 Ошон үчүн силер азыр туткундардын алдында туткундалып кетесиңер. Ошентип, керилип жаткандар, силердин кубанычыңар токтойт.

8 Кудай-Теңир Өзү менен ант берип жатат, Себайот Кудай-Теңир мындай деп жатат: «Жакыптын текебердигинен жийиркенем, анын үйлөрүн жек көрөм, ошондуктан Мен шаарды жана анын ичинде эмне болсо, ошонун баарын душмандын колуна салып берем.

9 Ошондо мындай болот: кайсы бир үйдө он адам калса, алар да өлөт.

10 Ошондо алардын тууганы же сөөк өрттөөчү адам алардын сөөктөрүн үйдөн алып чыгып бара жатып, үйдүн жанында тургандан: “Жаныңда дагы киши барбы?” – деп сурайт. Тигил: “Эч ким жок”, – деп жооп берет. Анда ал ага: “Унчукпа! Анткени Теңирдин ысымын эскерүүгө болбойт”, – деп айтат.

11 Анткени мына, Теңир буйрук берип, чоң үйлөрдү уратат, кичине үйлөрдү жарака кетирип кыйратат.

12 Аттар аска менен чуркай алабы? Асканы өгүз менен айдоого болобу? Силер болсо акыйкаттыкты ууга, чындыктын жемишин эрменге айланттыңар.

13 Силер болбогон нерселерге кубанып: “Биз бул кудуретке өзүбүздүн күчүбүз менен ээ болгон жокпузбу?” – дейсиңер.

14 Мына, Мен, – дейт Себайот Кудай-Теңир, – Ысрайыл, силерге каршы бир элди көтөрөм, ошондо ал эл силерди Хаматтын кире беришинен чөл суусуна чейин эзет».

**7-БӨЛҮМ**

**Ысрайыл менен Жүйүттүн жазаланары жөнүндөгү үч көрүнүш**

1 Кудай-Теңир мага мындай көрүнүш көрсөттү: Мына, жайкы чөп чыга баштаганда, Теңир чегирткени жаратты. Ал чөп падышанын чөп чабыгынан кийин чыккан чөп эле.

2 Чегиртке жердеги чөптөрдү жеп бүткөндө, мен: «Кудай-Теңир, ырайым кыла көр. Жакып кантип туруштук берет? Ал өтө эле кичине», – дедим.

3 Ошондо Теңир өкүнүп: «Андай болбойт», – деди.

4 Кудай-Теңир мага мындай көрүнүш көрсөттү: Мына, жазалаш үчүн, Кудай-Теңир от чыгарды, ошондо ал от түпкүрдөгү чоң сууларды, жердин бир бөлүгүн жалмады.

5 Ошондо мен: «Кудай-Теңирим, токтото көр! Жакып кантип туруштук берет? Ал өтө эле кичине», – дедим.

6 Ошондо Теңир өкүнүп: «Бул да болбойт», – деди.

7 Ал мага мындай көрүнүш көрсөттү: Мына, Теңир тик дубал үстүндө турат, Анын колунда жипке асма коргошун салмоор бар.

8 Теңир мага: «Амос, сен эмнени көрүп турасың?» – деди. Мен: «Жипке асма салмоорду», – деп жооп бердим. Анан Теңир мындай деди: «Мына, Мен Өз элим Ысрайылдын ортосуна жипке асма салмоор коём. Мындан ары ага кечирим кылбайм.

9 Ыскактын курмандык чалынуучу бийиктиктери кыйратылат, Ысрайылдын ыйык жайлары талкаланат. Жаробамдын тукумуна кылыч менен каршы чыгам».

**Амос жана Аматсия**

10 Бейтелдин ыйык кызмат кылуучусу Аматсия Ысрайылдын падышасы Жаробамга мындай деп айттырды: «Амос Ысрайылдын арасында сага каршы козголоң чыгарып жатат. Анын бүт сөздөрүнө жер чыдай албайт.

11 Анткени Амос мындай деп жатат: “Жаробам кылычтан өлөт, Ысрайыл болсо өз жеринен сөзсүз туткундалып кетет”».

12 Анан Аматсия Амоско мындай деди: «Көрөгөч! Тезинен кет, Жүйүт аймагына кач. Ошол жерде нан жеп, ошол жерде пайгамбарчылык кыл.

13 Ал эми Бейтелде мындан ары пайгамбарчылык кылба, анткени бул жер – падышанын ыйык жайы, падышанын үйү».

14 Ошондо Амос Аматсияга мындай деп жооп берди: «Мен пайгамбар эмесмин, пайгамбардын уулу да эмесмин. Мен койчу болчумун, тыт дарагын өстүрчүмүн.

15 Бирок Теңир мени кой короодон алып, мага мындай деди: “Бар, Менин элим Ысрайылга пайгамбарчылык кыл”.

16 Эми Теңирдин сөзүнө кулак сал. Сен мага: “Ысрайылга каршы пайгамбарчылык кылба, Ыскакка сөз сүйлөбө”, – деп жатасың.

17 Ошон үчүн Теңир мындай дейт: “Шаарда сенин аялың бузуктук кылат. Уулдарың менен кыздарың кылычтан өлөт. Сенин жериң жер бөлгөн аркан менен бөлүнөт, өзүң болсо таза эмес жерде өлөсүң, Ысрайыл өз жеринен сөзсүз куулуп чыгат”».

**8-БӨЛҮМ**

**Жемиш салынган себет жөнүндөгү көрүнүш**

1 Кудай-Теңир мага мындай көрүнүш көрсөттү: мен бир себет бышкан жемишти көрдүм.

2 Ал менден: «Амос, сен эмнени көрүп турасың?» – деп сурады. Мен: «Бир себет бышкан жемишти», – дедим. Ошондо Теңир мага мындай деди: «Менин элим Ысрайылдын акыры келди. Мындан ары аны кечирбейм.

3 Ошол күнү падыша сарайындагы ырлар ыйга айланат, – дейт Кудай Теңир, – өлүктөр көп болот, ар кайсы жерде аларды үн-сөзсүз ыргытышат».

**Ысрайылга чыгарылган өкүм**

4 Кембагалдарды жеп-жуткусу келгендер, жакырларды өлтүргүсү келгендер,

5 «Жаңырган ай майрамы өтсө, биз нан сата алабыз, ишемби күнү өтсө, биз кампаларды ачабыз, эйфанын көлөмүн азайтабыз, шекелдин баасын көтөрөбүз, туура эмес таразалар менен алдайбыз,

6 кедейлерди күмүшкө, кембагалдарды бир жуп бут кийимге сатып алабыз, ал эми дандын калбырдан өтпөй калганын сатабыз», – дегендер, муну уккула!

7 Теңир Жакыптын даңкы менен ант берди: «Чындыгында, алардын бул иштеринин эч бирин түбөлүккө унутпайм!

8 Мына ушундан жер солкулдабас бекен, анын үстүндө жашаган ар бир адам ыйлабас бекен? Жер бүт бойдон дарыядай ташкындайт, ал Мисир дарыясына окшоп бирде көтөрүлүп, бирде төмөн түшөт.

9 Ошол күнү мындай болот, – дейт Кудай-Теңир, – чак түштө күндү батырам, күндүз жерди караңгылатам,

10 майрамдарыңарды кайгыга, ырларыңардын бардыгын ыйга айлантам, баарыңарга зумбал кийгизип, чачыңарды кырам. Өлкөдө жалгыз уулун жоктоп ыйлагандагыдай ый көтөрөм, анын аягы кайгылуу күн сыяктуу болот.

11 Мына, күндөр келе жатат, – дейт Теңир, – ошол күндөрү Мен жер үстүнө ачарчылык жиберем, ал нанга болгон ачарчылык эмес, сууга болгон суусоо эмес, Теңирдин сөздөрүн угууга болгон суусоону жиберем.

12 Ошондо Теңирдин сөзүн издеп, деңизден деңизге теңселип басышат, түндүктөн чыгышка сандалышат, бирок аны табышпайт.

13 Ошол күнү ошол суусоодон сулуу кыздар менен жигиттер соолушат.

14 Алар Самариянын күнөөсү менен: “Дан, сенин кудайың тирүү! Бейер-Шебага барчу жол тирүү!” – деп ант беришет. Алар кулашат, ошол бойдон турушпайт».

**9-БӨЛҮМ**

**Теңирдин жазалары**

1 Мен курмандык чалынуучу жайдын жанында турган Теңирди көрдүм, Ал мындай деди: «Мамылардын үстүнкү бөлүгүн ур, үйдүн төбөсү солкулдап, алардын башына түшсүн, ал эми калгандарын Мен кылыч менен өлтүрөм, алардын эч кимиси качып кутулбайт, аман калам дегендеринин бири да аман калбайт.

2 Алар өлгөндөр жаткан жайга кирип кетишсе да, Менин колум аларды ошол жактан алып чыгат. Асманга чыгып кетишсе да, аларды ал жактан кулатам.

3 Алар Кармел тоосунун чокусуна чыгып жашынып алышса да, ошол жерден аларды таап алып, колго түшүрөм. Менин көзүмдөн жашынып, деңиздин түпкүрүнө түшүп кетишсе да, ошол жерден деңиз жыланына аларды чагууга буйрук берем.

4 Аларды өз душмандары туткундап кетишсе, ошол жерден да кылычка аларды өлтүрүүгө буйрук берем. Мен көзүмдү аларга жакшы күн көрсөтүү үчүн эмес, алаамат түшүрүү үчүн бурам».

5 Анткени Себайот Кудай-Теңир жерге колун тийгизгенде, ал эрип кетет, ошондо анын үстүндө жашагандардын баары ыйлашат. Жер бүт бойдон дарыядай ташкындайт, Мисир дарыясындай төмөн түшөт.

6 Ал Өзүнүн жогорку үйлөрүн асманга тургузган, Өзүнүн негизин жер үстүнө орноткон. Ал деңиз сууларын чакырып, жер үстүнө төгүп турат. Анын ысымы – Теңир.

7 «Ысрайыл уулдары, силер Мен үчүн Эфиопия уулдарындай эле эмессиңерби? – дейт Теңир. – Ысрайылды Мисир жеринен, пелиштиликтерди Каптордон, арамейлерди Кирден Мен алып чыккан жок белем?

8 Мына, Кудай-Теңирдин көздөрү күнөөкөр падышачылыкка каршы, Мен аны жер бетинен жок кылам. Бирок Жакыптын тукумун биротоло кырып салбайм, – дейт Теңир.

9 Анткени Мен буйрук берип, данды калбырлагандай, Ысрайыл урууларын бүт элдердин арасында калбырлайм, бир да дан жерге түшпөйт.

10 Менин элимдин: “Бул алаамат бизге жетпейт, бизге келбейт”, – деген күнөөкөрлөрүнүн баары кылычтан өлөт.

**Дөөттүн падышачылыгынын калыбына келтирилиши**

11 Ошол күнү Мен Дөөттүн кулаган чатырын калыбына келтирем, анын жик кеткен жерлерин бүтөйм, бузулган жерин оңдойм, аны байыркы күндөрдөгүсүндөй кылып тургузам.

12 Алар Эдомдун калдыгын жана Менин ысымым менен аталган элдердин баарын ээлеп алышы үчүн ошондой кылам, – дейт ушунун бардыгын жасаган Теңир.

13 Мына, күндөр келе жатат, – дейт Теңир, – ошол күндөрү жер айдаган дыйкан оруп-жыюучуну кууп жетет, ал эми жүзүм сыккыч себүүчүнү кууп жетет. Ошондо тоолордон чыккан жүзүм ширеси бардык адырлардан агат.

14 Ошондо Мен Өз элим Ысрайылды туткундан кайра алып келем, алар кыйраган шаарларды кайрадан куруп, аларга отурукташышат; жүзүмзарларды отургузуп, алардын шарабын ичишет; жемиш бактарын тигип, алардын мөмөлөрүн жешет.

15 Мен аларды өздөрүнүн жерине жайгаштырам, ошондон кийин алар өздөрүнүн Мен берген жеринен куулуп чыгарылбайт, – дейт сенин Кудай-Теңириң».

**ОБАДИЯ**

**1-БӨЛҮМ**

**Эдомдун талкаланары жөнүндө**

1 Обадия көргөн көрүнүш. Кудай-Теңир Эдом тууралуу мындай дейт: Биз Теңирден кабар уктук, «Тургула, Эдомго каршы согушка чыгабыз!» деп жарыялаш үчүн, элдердин арасына элчи жөнөтүлдү.

2 «Мына, Мен сени элдердин арасында кичине эл кылдым, сен абдан жек көрүндү болдуң.

3 Аскалардын жаракаларында жашаган, отурукташкан жери бийик жер болгон, жүрөгүндө: "Ким мени жерге кулатып түшүрөт?" – деген сени өзүңдүн жүрөгүңдүн текебердиги алдады.

4 Сен бүркүттөй болуп бийик көтөрүлүп, өз уяңды жылдыздардын арасына салсаң да, Мен сени ошол жерден да кулатып түшүрөм, – дейт Теңир.

5 Сен ушунча кыйрагыдай, сага уурулар, түнкү каракчылар кирдиби? Бирок алар өздөрүнө канча керек болсо, ошончо гана уурдашмак да. Эгерде сага жүзүм терип кетүүчүлөр киришсе, анда алар анча-мынча мөмө калтырышмак да.

6 Эйсаптын бардык нерсеси кандай тоноолду, анын жашыруун казыналары кандай аңтарылды!

7 Сени менен келишим түзгөндөр сени чек арага чейин узатып барышты, сени менен тынчтыкта болгондор сени алдап, багынтып алышты, сенин наныңды жегендер сага тузак коюшту. Сенин акылың жок!

8 Мен ошол күнү Эдомдогу даанышман адамдарды, Эйсап тоосундагы акылдуу адамдарды кырам, – дейт Теңир.

9 Тейман, сенин эр жүрөк адамдарыңдын үрөйү учат, Эйсап тоосундагы адамдардын баары салгылашта кырылат.

**Эйсаптын жазаланышынын себептери**

10 Өз бир тууганың Жакыпка кысым көрсөткөнүң үчүн уятка каласың, тукум курут болосуң.

11 Сен четте турган күнү, жат жерликтер анын аскерлерин туткундап кеткен күнү, бөтөн элдер анын дарбазасынан кирип, Иерусалим үчүн өкчөмө таш ыргыткан күнү сен да ошолордун бири сыяктуу болдуң.

12 Бир тууганыңды башына алаамат түшкөн күнү, кыйраган күнү табалап карап турбасаң болот эле. Жүйүт уулдары кырылып жаткан күнү кубанбасаң болот эле, алардын башына алаамат түшкөн күнү оозуңду чоң ачпасаң болот эле.

13 Башына алаамат түшкөн күнү Менин элимдин дарбазасына кирбесең болот эле, анын башына алаамат түшкөн күнү кыйраганын карап турбасаң болот эле, башына алаамат түшкөн күнү анын мүлкүнө тийбесең болот эле.

14 Анын качкындарын өлтүрүш үчүн, жолдордун кесилишинде аңдып турбасаң болот эле. Алаамат күнүндө анын аман калгандарын душмандын колуна салып бербесең болот эле.

**Бардык элдердин соттолору жөнүндө**

15 Анткени бүт элдерге Теңирдин күнү жакын: сен кандай кылсаң, сага да ошондой кылынат. Сенин кылган ишиң өз башыңа тиет.

16 Анткени силер Менин ыйык тоомдо каар чөйчөгүнөн ичкениңердей эле, бардык элдер да андан дайыма ичишет. Алар ичишет, жутушат, ошондо алар жер үстүндө такыр болбогондой болушат.

**Сион тоосунда Эдомдун куткарылышы**

17 Ал эми Сион тоосунда куткарылуу болот, ал ыйык жай болот. Жакып өз мурасына ээ болот.

18 Жакып от, Жусуп жалын, ал эми Эйсап саман болот: аны өрттөп жок кылышат, ошентип, Эйсаптын элинен эч ким калбайт, анткени муну Теңир айтты.

19 Түштүктө жашагандар Эйсап тоосун ээлеп алышат, ал эми өрөөндө жашагандар Пелишти жерин ээлеп алышат. Алар Эпрайым талааларын, Самария талааларын ээлеп алышат, Бенжемин Гилатты ээлеп алат.

20 Канаандыктардын арасында жашап жаткан Ысрайыл уулдарынын туткундагы аскерлери Сарепатка чейин ээлеп алышат, ал эми Сепаратта жашап жаткан Иерусалимден туткундалып кеткендер түштүк шаарларын ээлеп алышат.

21 Ошентип, Эйсап тоосун соттош үчүн, Сион тоосуна куткаруучулар чыгышат, ошондо падышачылык Теңирге таандык болот».

**ЖУНУС**

**1-БӨЛҮМ**

**Жунустун чакырылышы жана качышы**

1 Амитай уулу Жунуска Теңирден мындай сөз болду:

2 «Тур, улуу шаар Нинебиге барып, ошол шаар жөнүндө пайгамбарчылык кыл, анткени анын мыйзамсыз иштери Мага жетти».

3 Ошондо Жунус Теңирдин жүзүнөн Таршышка качып кетмекчи болду. Ал туруп, Жапага келди да, Таршышка жөнөп жаткан бир кемени таап, жол акысын төлөдү. Теңирдин жүзүнөн качып, Таршышка алар менен бирге кетиш үчүн, кемеге түштү.

4 Бирок Теңир деңизге катуу шамал жөнөттү, ошондо деңизде катуу бороон башталып, кеме талкалана турган болду.

5 Кеме айдоочулардын үрөйү учуп, ар ким өз кудайын чакырды. Анан алар кемени жеңилдетиш үчүн, андагы жүктү деңизге ыргыта баштashты. Жунус болсо кеменин ылдый жагына түшүп, жатып уктап калган эле.

6 Ошондо кеме башчысы ага келип: «Сен эмне уктап жатасың? Тур, өз Кудайыңды чакыр, балким, Кудай бизди эске алып, өлбөй каларбыз», – деди.

7 Анан алар бири-бирине: «Жүргүлө, өкчөмө таш ыргытып, кимдин айынан ушул кырсыкка кабылып жатканыбызды билели», – дешти. Өкчөмө таш ыргытышты, ал Жунуска түштү.

8 Ошондо андан: «Айтчы, бул кырсыкка кимдин айынан кабылдык? Эмне иш кыласың? Кайдан келе жатасың? Кайсы өлкөдөнсүң? Кайсы элденсиң?» – деп сурашты.

9 Жунус аларга: «Мен эврейимин, деңизди жана кургактыкты жараткан асмандагы Кудай-Теңирден корком», – деп жооп берди.

10 Жунустун айтып бергенинен улам, алар анын Теңирдин жүзүнөн качып бара жатканын билишти. Ошондо алардын үрөйү учуп, ага: «Эмне үчүн мындай кылдың?» – дешти.

11 Анан алар андан: «Деңиз тынчыш үчүн, биз сени эмне кылышыбыз керек?» – деп сурашты. Анткени толкун күчөп бара жаткан эле.

12 Жунус аларга мындай деди: «Мени алып, деңизге ыргыткыла. Ошондо деңиз тынчыйт, анткени бул катуу бороон менин айымдан болуп жатканын билем».

13 Бирок ал адамдар кургактыкка жетиш үчүн, бардык күчү менен калак шилтей башташты, бирок жете алышкан жок, анткени деңизде аларга каршы толкун күчөдү.

14 Ошондо алар Теңирди чакырып: «Оо Теңир, Сенден суранабыз, бул адамдын жаны үчүн биз кырылып калбасак экен, жазыксыз канды мойнубузга сала көрбө, анткени Сен, Теңир, Өзүңө эмне жакса, ошону кылдың!» – дешти.

15 Анан Жунусту алып, деңизге ыргытышты. Ошондо деңиздеги толкун басылды.

16 Ошондо бул адамдар Теңирден абдан коркуп калышты. Теңирге курмандык чалышты жана убадаларды беришти.

**2-БӨЛҮМ**

**Жунустун сыйынуусу**

1 Теңир бир чоң балыкка Жунусту жутуп алууну буйрук кылды. Жунус ал чоң балыктын ичинде үч күн, үч түн болду.

2 Жунус чоң балыктын ичинен өз Кудай-Теңирине сыйынды.

3 Ал мындай деди: «Кайгы тартканымда, Теңирди чакырдым, ошондо Ал мага жооп берди. Мен өлгөндөр жаткан жайдын ичинен ыйладым, ошондо Сен менин үнүмдү уктуң.

4 Сен мени деңиздин тереңине, деңиздин ортосуна ыргыттың, мени суу курчады, Сенин бүт иримдериң менен толкундарың менин үстүмдөн өттү.

5 Ошондо мен: "Сенин көз алдыңдан четке кагылдым, бирок Сенин ыйык үйүңдү мен кайрадан көрөм", – дедим.

6 Мени суу курчап, жаныма коркунуч туулду, мени туңгуюк кучагына алды, башыма деңиз чөптөрү оролду.

7 Мен тоолордун түбүнө чейин түштүм, жер мени өзүнүн кулпулары менен түбөлүккө бекитти. Бирок, Сен, менин Кудай-Теңирим, менин жанымды өлгөндөр жаткан жайдан алып чыктың.

8 Жаным алсырап калганда, Теңирди эстедим, менин сыйынуум Сага, Сенин ыйык ийбадатканаңа жетти.

9 Эч нерсеге арзыбаган жалган кудайларды урматтагандар өздөрүнүн боорукер Кудайын таштап коюшту.

10 Мен болсо Сага ыраазычылык билдирип, ооз курмандыгын алып келем. Эмнени убада кылсам, аткарам. Куткарылуу Теңирде!»

11 Ошондо Теңир чоң балыкка буйрук кылды, ал Жунусту кургактыкка бүркүп чыгарды.

**3-БӨЛҮМ**

**Жунустун тил алуусу**

1 Анан Жунуска Теңирден экинчи жолу сөз болду:

2 «Тур, улуу шаар Ниневиге бар, Мен сага эмнени буйрусам, ошонун баарын ошол шаарда жарыяла».

3 Ошондо Жунус туруп, Теңирдин сөзү боюнча Ниневиге жөнөдү. Ниневи Кудайдын улуу шаары эле, анын
башынан аягына чейин жөө басканда үч күндүк жол эле.
4 Жунус шаарды аралап, бир күндө канча жол басууга мүмкүн болсо, ошончо жол басып: «Кырк күндөн кийин Ниневи талкаланат», – деп жар салды.

5 Ошондо ниневиликтер Кудайга ишенип калышты, орозо жарыялашты, кичинесинен чоңуна чейин зумбал кийишти.

6 Бул сөз Ниневи падышасына жетти, ошондо ал тагынан туруп, үстүндөгү падыша кийимин чечип, зумбал кийип, күлгө отурду.

7 Анан падыша өзүнүн жана төрөлөрүнүн атынан Нинебиде мындай деп жар салууну буйрук кылды: «Адам да, мал да, өгүз да, кой да эч нерсе жебесин, жайытка чыкпасын, суу да ичпесин.

8 Адамдар да, мал да зумбал жамынып, Кудайга боздоп жалынышсын, ар бири өзүнүн жаман жолунан, зордук-зомбулук иштеринен баш тартсын.

9 Ким билет, балким, Кудай боорукердик кылып, Өзүнүн бизге каршы жалындаган каарынан кайтар, биз өлбөй каларбыз».

10 Ошондо Кудай алардын иштерин, жаман жолдорунан бурулганын көрүп, аларга алаамат түшүрөм деп айткан сөзүнө өкүнүп, алаамат түшүргөн жок.

**4-БӨЛҮМ**

**Жунустун капа болушу жана Кудайдын ырайымы**

1 Жунус буга абдан капа болуп туталанды.

2 Ал Теңирге сыйынып, мындай деди: «Оо Теңир! Мен өз өлкөмдө экенде эле ушундай болот деп айтпадым беле? Ошон үчүн мен Таршышка качып кеткем, анткени Сенин жакшы, боорукер, абдан чыдамдуу, абдан ырайымдуу Кудай экениңди жана алаамат үчүн өкүнөрүңдү билгем.

3 Теңир, эми менин жанымды ал, анткени жашагандан көрө, өлгөнүм артык».

4 Ошондо Теңир: «Чыны менен эле, бул сени ушунчалык капаланттыбы?» – деди.

5 Жунус шаардан чыгып, анын чыгыш тарабындагы бир жерге алачык жасады да, шаар эмне болорун көрүш үчүн, ошол алачыктын алдында, көлөкөдө отурду.

6 Кудай-Теңир бир өсүмдүк өстүрдү. Жунусту кайгыдан куткарыш үчүн, анын башына көлөкө болуш үчүн, ал өсүмдүк жогору көтөрүлдү. Жунус ал өсүмдүккө абдан кубанды.

7 Бирок эртеси таң атканда, Кудай бир курт чыгарды. Курт өсүмдүктүн тамырын жеп салды, өсүмдүк куурап калды.

8 Күн чыкканда Кудай аптаптуу чыгыш шамалын жиберди. Күн Жунустун башын куйкалай баштады, ошондо ал алсырап, өзүнө өлүм тилеп: «Жашагандан көрө, өлгөнүм артык», – деди.

9 Кудай Жунустан: «Чыны менен эле, сен бул өсүмдүк үчүн ушунчалык капа болдуңбу?» – деп сурады. «Ооба, мен аябай капа болдум», – деди ал.

10 Ошондо Теңир мындай деди: «Сен өзүң мээнет кылып өстүрбөгөн, бир түндө өсүп, бир түндө соолуп калган өсүмдүк үчүн өкүнүп жатасың.

11 Анан Мен кантип оң колун сол колунан ажырата албаган жүз жыйырма миңден ашык адамы, көп сандаган малы бар улуу шаар Нинебини аябайын?»

**МИХЕЙ**

**1-БӨЛҮМ**

**Теңирдин Өз элине каарданышы**

1 Жүйүт падышалары Жотамдын, Ахаздын жана Хискиянын тушунда морейшилик Михейге Теңирден сөз болду. Ал Самария жана Иерусалим тууралуу көрүнүш көрдү.

2 Бардык элдер, уккула, бүт жер жүзү жана анда жашагандардын баары, жакшылап уккула! Кудай-Теңир, Теңир, Өзүнүн ыйык ийбадатканасынан силерге каршы күбө болсун!

3 Анткени мына, Теңир Өз ордунан чыгып келе жатат, түшүп келип, жердин бийик жерлеринде басат.

4 Анын астында тоолор отто эриген момдой эрийт, өрөөндөр кырдан түшкөн суулардай болуп бөлүнөт.

5 Мунун баары Жакыптын мыйзамсыздыгы үчүн, Ысрайылдын күнөөсү үчүн болот. Жакыптын мыйзамсыздыгы ким? Самария эмеспи? Жүйүттүн бийик жерлердеги бутканаларын ким курду?

6 «Ошон үчүн Самарияны талаадагы үйүлгөн урандыга, жүзүмдүк өстүрө турган жерге айлантам. Анын таштарын өрөөнгө кулатам, анын негиздерин жылаңачтайм.

7 Анын бүт таш буркандары талкаланат, бузуктук тартуулары өрттөлөт, анын бардык жасалма кудайларын кыйратам, анткени ал аларды бузуктук тартуулары менен орноткон, алар бузуктук тартууларына айланат».

**Жүйүт менен Ысрайыл үчүн ыйлоо**

8 Мен бул тууралуу ыйлайм, боздоп ыйлайм, таланып-тонолгон, жылаңачталган адамдай болуп басам, чөөлөргө окшоп улуйм, төө куштарга окшоп ыйлайм.

9 Анткени анын жарасы айыккыс, ал айыккыс жарасы Жүйүткө чейин жетти, атүгүл, ал менин элимдин дарбазасы болгон Иерусалимге чейин жетти.

10 Бул тууралуу Гатта жарыя кылбагыла, ал жерде катуу ыйлабагыла, бирок Опра кыштагында өзүңөргө күл чачкыла.

11 Шапирдин маскара болуп жылаңачталган тургуну, көчүп кет. Саанандын тургуну да качып кутулбайт. Бейт-Аетселдеги ый силерге ал жерге токтогонго жол бербейт.

12 Марота тургуну өзүнүн жакшы нерсеси үчүн күйүт тартып жатат, анткени Теңирден Иерусалим дарбазасына алаамат түштү.

13 Лакиш тургуну, арабага күлүк аттарды чек. Сион кызынын күнөөсүнүн башталышы сенсиң, анткени Ысрайылдын кылмыштары сенде пайда болду.

14 Ошондуктан сен Морешет-Гатка тартууларды жөнөтөсүң. Бирок Аказип кыштактары Ысрайыл падышаларынын үмүтүн актабайт.

15 Мореш тургуну, мен сага дагы бир мураскор алып келем. Ысрайылдын даңкы Адуламга чейин кетет.

16 Чачыңды ал, сакал-мурутуңду кыр, өзүңдүн сүйүктүү уулдарың үчүн аза күт. Жүнү түшкөн бүркүттүкүндөй кылып, алар үчүн башыңды дагы кыра түш, анткени алар сенин жаныңдан көчүрүлүп кетишет.

**2-БӨЛҮМ**

**Жакырларды кысымга алгандарды жазалоо**

1 Мыйзамсыздык ойлогондорго жана төшөгүндө жатып алып кыянат иштерди ойлоп тапкандарга кайгы! Алар ошол иштерди таң агарганда ишке ашырышат, себеби алардын колунда күч бар.

2 Талааларды каалашат, аларды күч менен тартып алышат; үйлөрдү каалашат, аларды зордук менен тартып алышат. Адамды үйү менен кошо, эркекти мурасы менен кошо тоноп алышат.

3 Ошондуктан Теңир мындай дейт: «Мына, Мен бул тукумга алаамат каптатууну ойлоп жатам. Силер ал алааматтын айынан мойнуңарды кыймылдата албай каласыңар жана түз баса албай каласыңар, анткени ал мезгил – алааматтуу мезгил.

4 Ошол күнү силер тууралуу лакап айтышат, катуу ыйлап: “Биз таптакыр кыйрадык! Менин элимдин энчиси башкаларга берилди. Эми ал мага кайра кантип кайрылып келет? Биздин талаалар бөтөн урууларга бөлүнүп берилди”, – дешет.

5 Ошондуктан сенде Теңирдин алдындагы жыйында жерди бөлүш үчүн өкчөмө таш ыргыткан эч ким болбойт.

6 Пайгамбарлар, пайгамбарчылык кылбагыла. Маскара болуп калбашыңар үчүн, аларга пайгамбарчылык кылбагыла.

7 Оо Жакыптын тукуму деп аталгандар! Эмне, Теңирдин Руху чыдамкай эмеспи? Анын иштери ушундай бекен? Адил жашаган адамга Менин сөзүм жакшылык алып келбейт бекен?

8 Мурун Менин элим болуп жүргөн эл душман сыяктуу каршы чыкты. Силер согуштан кайтып, тынч өтүп бара жаткандардын сырт кийимин да, ич кийимин да тартып алып жатасыңар.

9 Менин элимдин аялдарын өздөрүнүн жакшынакай үйлөрүнөн кууп чыгарып жатасыңар. Алардын балдарынан Менин жасалгаларымды биротоло тартып алып жатасыңар.

10 Тургула, кеткиле, анткени бул жер силердин тынчтана турган жериңер эмес. Ал өзүнүн ыпыластыгы үчүн талкаланат, болгондо да ырайымсыздык менен талкаланат.

11 Эгерде жеңил ойлуу бир адам жалган нерсе ойлоп таап: “Мен сага шарап жана күчтүү ичимдик тууралуу насаат айтам”, – десе, анда ал бул элге жаккан насаатчы болмок.

12 Жакып, сенин бүт тукумуңду сөзсүз чогултам, Ысрайылдын калдыгын сөзсүз бириктирем, аларды Ботсрадагы койлордой, бир короодогу койлордой, бир жерге чогултам. Алар элинин көптүгүнөн бака-шака болушат.

13 Алардын алдында дубал талкалоочу барат. Алар тосмолорду кыйратышат, дарбазалар аркылуу кирип, дарбазалар аркылуу чыгышат, алардын алдында өздөрүнүн падышасы, ал эми алардын башында Теңир барат».

**3-БӨЛҮМ**

**Эл башчыларынын жазаланары жөнүндө**

1 Ошондо мен мындай дедим: «Жакыптын башчылары, Ысрайылдын төрөлөрү, уккула! Чындыкты силер билишиңер керек эмеспи?

2 Силер болсо жакшы нерсени жек көрүп, жаман нерсени жакшы көрүп жатасыңар. Алардын терисин сыйрып жатасыңар, этин сөөктөрүнөн ажыратып жатасыңар,

3 Менин элимдин этин жеп, терисин сыйрып жатасыңар, ал эми сөөктөрүн карапага сала тургансып сындырып, этин казанга сала тургансып бөлүп жатасыңар».

4 Ошондо алар Теңирди чакырышат, бирок Теңир аларды укпайт, ошол убакта алардан Өз жүзүн жашырат, анткени алар кыянат иштерди кылып жатышат.

5 Менин элимди адаштырган, тиштери менен кемирген, «Тынчтык!» деп кыйкырган, ал эми өздөрүнүн оозуна эч нерсе салбагандарга согуш жарыя кылган пайгамбарларга каршы Теңир мындай дейт:

6 «Ошон үчүн көрүнүштүн ордуна силерге түн болот, пайгамбарчылыктардын ордуна караңгылык болот. Пайгамбарлардын үстүнөн күн батат, алардын үстүнөн күн караңгылайт.

7 Көрөгөчтөр уятка калышат, төлгөчүлөр шылдың болушат. Алардын бардыгы ооздорун жабышат, анткени Кудайдан жооп болбойт».

8 Мен болсо Жакыпка өзүнүн кылмышын, Ысрайылга өзүнүн күнөөсүн айтыш үчүн, Теңирдин Рухунун күчүнө, адилеттүүлүккө жана кайраттуулукка толдум.

9-10 Акыйкаттыктан жийиркенген, түз нерсенин баарын кыйшык кылган, Сионду кан менен, Иерусалимди адилетсиздик менен курган Жакыптын башчылары, Ысрайылдын төрөлөрү, муну уккула!

11 Анын башчылары пара алып сот жүргүзүп жатышат, ыйык кызмат кылуучулары акы алып окутуп жатышат, пайгамбарлары акча алып пайгамбарчылык кылып жатышат, бирок ошол эле учурда алар: «Теңир биздин арабызда эмеспи? Биздин башыбызга алаамат түшпөйт!» – деп, Теңирге таянып жатышат.

12 Ошондуктан силердин айыңардан Сион айдоо талаасындай болуп айдалат, Иерусалим үйүлгөн урандыга айланат, ал эми бул үй турган тоо токойлуу адырга айланат.

**4-БӨЛҮМ**

**Теңирдин жер үстүндөгү падышачылыгы**

1 Акыркы күндөрдө мындай болот: Теңир үйү турган тоо тоолордун башына коюлат, ал адырлардан жогору көтөрүлөт, элдер ага агылып келишет.

2 Көп элдер келип: «Келгиле, Теңирдин тоосуна чыгып, Жакыптын Кудайынын үйүнө кирели, Ал бизге Өзүнүн жолдорун үйрөтөт, ошондо биз Анын жолдору менен жүрөбүз. Анткени Сиондон мыйзам чыгат, Иерусалимден Теңирдин сөзү чыгат», – дешет.

3 Ал көп элдерди соттойт, алыскы өлкөлөрдөгү көптөгөн урууларды айыбын ашкере кылат. Кылычтарын соко кылып, найзаларын орок кылып кайра согуп иштеп чыгышат. Бир эл бир элге кылыч көтөрбөйт, ошондон кийин согушууга үйрөнүшпөйт,

4 тескерисинче, ар бири өзүнүн жүзүм сабагы менен анжыр дарагынын түбүндө отурат, аларды эч ким коркутпайт, анткени муну Себайот Теңир Өзү айтты.

5 Анткени бардык элдер, ар бири өз кудайынын аты үчүн жашайт. Биз болсо кылымдар бою өзүбүздүн Кудай-Теңирибиздин аты үчүн жашайбыз.

**Ысрайылдын туткундан кайтып келери жөнүндө**

6 «Ошол күнү, – дейт Теңир, – аксагандарды чогултам, куулуп кеткендерди, Өзүм кимдин башына алаамат түшүрсөм, ошолорду чогултам.

7 Аксагандарды калдык кылам, алыска чачырап кеткендерди күчтүү эл кылам, Теңир Сион тоосунда азыр жана түбөлүккө алардын үстүнөн падышачылык кылат.

8 Сен болсо, үйүр мунарасы, Сион кызынын адыры! Сага мурунку бийлигиң кайрылып келет, Иерусалим кыздарына падышачылык кайра келет.

9 Эмнеге сен азыр ушунчалык катуу өкүрүп жатасың? Эмне, сенин падышаң жокпу? Төрөп жаткан аялга окшоп, эмне кыйналып жатасың? Эмне, кеңешчиңден айрылып калдыңбы?

10 Сион кызы, төрөп жаткан аялга окшоп азап тарт, кыйнал, анткени сен эми шаардан чыгасың, талаада жашайсың, Бабылга чейин жетесиң. Ошол жерде куткарыласың, ошол жерде Теңир сени душмандарыңдын колунан куткарат.

11 “Ал булгансын, Сиондун кыйроосун көзүбүз көрсө экен” деген көптөгөн элдер азыр сага каршы чогулушту.

12 Бирок алар Теңирдин ойлорун билишпейт, Анын кеңешин түшүнүшпөйт, анткени Теңир аларды кырмандагы боолордой кылып чогултту.

13 Сион кызы, тур, кырман бастыр, анткени Мен сенин мүйүзүңдү темирден, туяктарыңды жезден жасайм. Ошондо сен көп элдерди талкалайсың, алардын талап-тоноп алгандарын Теңирге, алардын байлыгын бүт жер жүзүнүн Эгедерине арнайсың.

**5-БӨЛҮМ**

1 Кошуундардын кызы, эми куралдан. Бизди айланта курчап алышты, Ысрайылдын башкаруучусун таяк менен бетке урушат.

**Машайак жөнүндөгү убада**

2 Бирок Сен, Бейт-Лехем Эфрата, Жүйүттүн миңдеген урууларынын ичинен кичине болсоң да, сенден Мен үчүн Ысрайылга Эгедер боло турган Адам чыгат, Ал эң башында эле, байыркы күндөрдө эле төрөлгөн.

3 Ошондуктан Теңир аларды төрөй турган аял төрөгөн мезгилге чейин таштап салат. Ошондо Ысрайыл уулдарына өздөрүнүн калган бир туугандары кайрылып келишет.

4 Ал туруп, аларды Теңирдин күчү менен, Кудай-Теңирдин ысымынын улуулугу менен кайтарат, ошондо алар коопсуз жашашат, анткени Анын улуулугу жер кыйырына чейин белгилүү болот.

**Жакыптын калдыгы – элдер үчүн шүүдүрүм**

5 Ал биздин тынчтыгыбыз болот. Ашур биздин жерибизге келгенде, биздин үйлөргө киргенде, биз ага каршы жети койчуну, сегиз төрөнү коёбуз.

6 Алар кылыч менен Ашур жерин, Нимрот жерин дарбазаларынын алдында кыйратат, Ашур биздин жерибизге келгенде, биздин чек араларыбызды аттаганда, Ал бизди андан куткарат.

7 Жакыптын калдыгы көп элдердин арасында Теңирден түшкөн шүүдүрүмдөй, чөптүн үстүнө жааган жамгырдай болот, ал адамга көз каранды болбойт жана адам уулдарына таянбайт.

8 Жакыптын калдыгы элдердин арасында, көп уруулардын арасында токой жырткычтарынын арасындагы арстандай, койлордун арасындагы жаш арстандай болот, эгерде ал арстан атырылып чыгып, басып жыгып тыткылай турган болсо, анын колунан эч ким куткара албайт.

9 Сенин колуң душмандарыңдын үстүнөн салтанат менен көтөрүлөт, сенин бардык душмандарың жок кылынат.

10 Ошол күнү, – дейт Теңир, – сенин аттарыңды жок кылам, майдан арабаларыңды талкалайм.

11 Сенин жериңдеги шаарларды кыйратам, сенин бардык сепил-чептериңди уратам.

12 Сенин колуңдан сыйкырчылыкты жулуп ыргытам, сенин жаратылыш кубулуштары боюнча алдын ала айтуучуларың жок болот.

13 Сенин буркандарыңды талкалайм, жасалма кудайларыңды жок кылам, ошондон кийин сен өз колуң менен жасаган нерселерге табынганыңды коёсуң.

14 Сенин ыйык токойлоруңду түп-тамыры менен жок кылам, шаарларыңды талкалайм.

15 Ошентип, Мага тил албаган элдерден каарым менен, ачуум менен өч алам».

**6-БӨЛҮМ**

**Кудайдын жазасы жана ырайымы**

1 Теңирдин эмне деп айтып жатканын уккула: «Тур, тоолордун алдында соттош, сенин үнүңдү адырлар уксун!»

2 Тоолор, ошондой эле силер да, жердин бекем негиздери, Теңирдин сотун уккула, анткени Теңир Өз элин соттоп жатат, Ал Ысрайыл менен соттошуп жатат.

3 «Элим! Мен сага эмне кылдым, сага кандай оорчулук келтирдим? Жооп берчи Мага.

4 Мен сени Мисир жеринен алып чыктым, сени кулчулуктун үйүнөн куткарып алдым, сени жетектеп жүрүшү үчүн, Мусаны жана Арун менен Мириямды жибердим.

5 Элим! Теңирдин адилеттүү иштерин таанып билишиң үчүн, Маап падышасы Балак кандай арамдык ойлогонун, Бейор уулу Билам ага эмне деп жооп бергенин жана Шитимден Гилгалга чейин эмне болгонун эстечи».

6 «Теңирдин алдына мен эмне менен келем, асмандагы Кудайга кантип таазим кылам? Анын алдына бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктар менен, бир жашар букачарлар менен келемби?

7 Бирок миңдеген койлор менен, он миңдеген дарыядай аккан зайтун майлары менен Теңирге жагууга болобу? Өзүмдүн кылмышым үчүн Ага тун уулумду, өз жанымдын күнөөсү үчүн ичимден чыккан баламды беремби?»

8 Оо адам! Эмне жакшы экени, Теңир сенден эмнени талап кылып жатканы сага айтылган бул – адилет иштерди кылуу, кайрымдуулук иштерин жакшы көрүү жана өз Кудайыңдын алдында акылмандык менен моюн сунуп жашоо.

9 Теңирдин үнү шаарга чакырып жатат, акылмандуулук Сенин ысымыңдын алдында коркуп турат. «Бийлик таякты жана аны Ким койсо, Ошону уккула!

10 Арам байлык жана кемитилген, жийиркеничтүү ченем мыйзамсыздын үйүндө азыр деле жок эмес бекен?

11 Мен туура эмес тараза менен, баштыктагы туура эмес кадак таштар менен таза боло аламбы?

12 Анын байлары зордук-зомбулдук кылышат, анын тургундары жалганды сүйлөшөт, алардын тили алдамчы.

13 Ошондуктан Мен сени айыккыс кылып урдум, сени күнөөлөрүң үчүн кыйраттым.

14 Сен жейсиң, бирок тойбойсуң, сенин ичиң бош болот. Кайтарасың, бирок сактап кала албайсың, ал эми сактап калганыңды кылыч мизине салып берем.

15 Эгесиң, бирок оруп-жыйбайсың; зайтун сыгасың, бирок май менен майланбайсың; жүзүм ширесин сыгасың, бирок шарап ичпейсиң.

16 Силерде Омринин каада-салттары, Ахаптын тукумунун бардык иштери сакталып калган, силер ошолордун кеңештери менен иш кыласыңар. Ошондуктан Мен сени кыйратам, сенин тургундарыңды күлкү кылам, ошентип, силер Менин элимдин маскарачылыгын көтөрөсүңөр».

**7-БӨЛҮМ**

**Адамзаттын бузулушу**

1 Мага кайгы! Анткени мен жайкы жемиштерди жыйнап алгандан кийинки, жүзүмдү терип алгандан кийинки мезгилдей болуп калдым. Жегенге бир да мөмө жок, менин жаным каалаган, бышкан бир да жемиш жок.

2 Жерде ырайымдуу адамдар калбай калды, адамдардын арасында адил адамдар жок. Кан төгүш үчүн, бардыгы тузак коюшат, ар бири өз бир тууганына тор жаят.

3 Алардын колдору жамандык кылып, жакшылык күтүшөт: жетекчи белек талап кылат, сот пара алып соттойт, төрөлөр болсо өздөрүнүн жаман каалоолорун ачык айтышат, ишти бурмалашат.

4 Алардын эң жакшысы тикенектей, эң адилеттүүсү тикенектүү тосмодон жаман. Сенин пайгамбарларың айткан күн, Сен жазалай турган күн келе жатат. Эми аларга дүрбөлөң түшөт.

5 Досуңарга ишенбегиле, жолдошуңарга таянбагыла. Койнуңда жаткан аялыңдан оозуңдун эшигин сакта.

6 Анткени уулу атасын уят кылат, кызы энесине каршы чыгат, келини кайын энесине каршы болот. Адамдын душманы – өзүнүн үйүндөгүлөрү.

7 Мен болсо Теңирден үмүттөнөм, мени куткарган Кудайга таянам: Кудайым мени угат.

**Куткарылуу Теңирден**

8 Душманым, мени табалаба! Мен кулап калсам да, кайра турам. Мен караңгылыкта отурсам да, Теңир мен үчүн жарык.

9 Менин ишимди чечкенге чейин, мени соттогонго чейин, Теңирдин каарын көтөрөм, анткени Анын алдында күнөө кылдым. Ал мени жарыкка алып чыгат, ошондо мен Анын адилеттүүлүгүн көрөм.

10 Мага «Сенин Кудай-Теңириң кайда?» деген душманым муну көрүп, уятка калат. Ал көчөдөгү баткакка окшоп тебеленгенде, аны көрүп, көзүмдүн моокуму канат.

11 Сен өзүңдүн дубалдарыңды курган күнү, ошол күнү чек араң чоңоёт.

12 Ошол күнү сага Ашурдан жана Мисир шаарларынан келишет, Мисирден тартып Эфрат дарыясына чейин, деңизден деңизге чейин, тоодон тоого чейин жашаган элдер келишет.

13 Ал жер болсо өзүнүн тургундарынын күнөөлөрү үчүн, алардын иштеринин жемиштери үчүн чөлгө айланат.

**Теңирдин Ысрайылга ырайым көрсөтүшү**

14 Кармелдин ортосундагы токойдо обочо жашаган Өз элиңди, Өз мурасың болгон койлоруңду, Өзүңдүн таягың менен кайтар. Алар Башан менен Гилатта байыркы күндөрдөгүдөй оттоп жүрүшсүн!

15 «Сен Мисирден чыгып келе жаткан күндөрдө кандай кереметтерди көрсөтсөм, азыр да ага ошондой кереметтерди көрсөтөм».

16 Муну көргөн элдер өздөрүнүн бардык күч-кубатына карабастан, уят болушат: колдору менен ооздорун жабышат, кулактары дүлөй болуп калат.

17 Жыландай болуп топурак жалашат, жер курттарындай болуп чептеринен сойлоп чыгышат. Биздин Кудай-Теңирден коркушат, Сенден үрөйлөрү учат.

18 Өз мурасынын калдыгынын мыйзамсыздыгын кечирип, айыбын мойнуна салбаган Сендей Кудай барбы? Ал түбөлүккө каарданбайт, анткени ырайым кылганды жакшы көрөт.

19 Ал бизге кайрадан ырайым кылат, биздин мыйзамсыздыктарыбызды өчүрөт. Сен биздин бүт күнөөлөрүбүздү деңиздин түпкүрүнө таштайсың.

20 Сен байыркы күндөрдөн бери биздин ата-бабаларыбызга ант берип убада кылып келгениңдей, Жакыпка ишенимдүүлүгүңдү, Ыбрайымга ырайымдуулугуңду көрсөтөсүң.

**НАКУМ**

**1-БӨЛҮМ**

**Теңирдин Нинебиге каарданышы**

1 Нинеби тууралуу пайгамбарчылык. Элкоштук Накумдун көрүнүш китеби.

2 Теңир – кызганчаак, өч алуучу Кудай. Теңир – өч алуучу, Анын каары коркунучтуу: Теңир Өзүнүн душмандарынан өч алат, Ал Өзүнүн жоолорун аябайт.

3 Теңир чыдамдуу, кудурети менен улуу, Ал жазасыз калтырбайт. Теңирдин жолу куюнда жана бороондо, булут – Анын таманынан чыккан чаң.

4 Ал деңизге тыюу салат, ошондо ал кургап калат, бардык өзөндөр соолуп калат. Башан менен Кармел куурайт, Лебанондун гүлү соолуйт.

5 Анын алдында тоолор титиреп турат, адырлар эрийт, Анын алдында жер, аалам жана анда жашагандардын баары титиреп турат.

6 Анын каарына ким туруштук бере алат? Анын каарынын жалынына ким чыдай алат? Анын каары оттой чачырайт. Анын алдында аскалар жарылат.

7 Теңир ырайымдуу, кайгы күнү Ал – баш паана, Ал Өзүнө таянгандарды билет.

8 Бирок баарын каптаган ташкыны менен Нинебини негизине чейин кыйратып салат, Анын душмандарына караңгылык түшөт.

9 Силер Теңирге каршы эмнени ойлоп жатасыңар? Ал кырып жок кылат, алаамат экинчи жолу кайталанбайт,

10 анткени тикенек сыяктуу өз ара чырмалышкандар жана аракечтер сыяктуу мас болгондор кургак самандай болуп таптакыр өрттөнүп кетишет.

11 Сенден Теңирге каршы жамандык ойлогон, жаман кеңеш берген адам чыкты.

12 Теңир мындай дейт: «Алар күчтүү жана өтө көп болушканына карабастан, кырылып жок болушат. Мен сени кыйнап келгем, мындан ары кыйнабайм.

13 Мен эми сенин мойнуңдагы анын моюнтуругун талкалайм, сенин кишендериңди үзөм».

14 Сен жөнүндө болсо, Ашур, Теңир мындай өкүм чыгарып койгон: «Мындан ары сенин ысымың менен атала турган тукумуң болбойт. Сенин кудайыңдын үйүнөн таш буркандарды жана жасалма кудайларды жок кылам, ал жерге сага мүрзө даярдайм, анткени сен жек көрүндүсүң».

15 Мына, тынчтыкты кабарлаган жакшы кабарчынын буттары тоолордун үстүндө. Өз майрамдарыңды майрамдай бер, Жүйүт, өз убадаларыңды аткара бер, анткени мындан ары сенин жериңден мыйзамсыз адам өтпөйт: ал таптакыр жок болду.

**2-БӨЛҮМ**

**Нинеби жөнүндөгү пайгамбарчылык**

1 Сага каршы кыйратуучу көтөрүлдү: чептериңди кайтар, жолуңду сакта, белиңди бек буу, күчүңдү жыйна.

2 Анткени Теңир Жакыптын даңкын Ысрайылдын даңкындай кылып калыбына келтирет, анткени кыйратуучулар аларды кыйратышты, алардын жүзүм сабактарын талкалашты.

3 Анын баатырларынын калканы кызыл, анын жоокерлери кочкул кызыл кийим кийишкен. Салгылашка даярдануу күнүндө майдан арабалары оттой жаркырайт, найзалары калың чердей кылкылдайт.

4 Майдан арабалары көчөлөрдө зуулдайт, аянттарда дүңгүрөйт. Алар шаманадай жаркырайт, чагылгандай жаркылдайт.

5 Ал өзүнүн кайраттууларын чакырып жатат, бирок алар басып баратып мүдүрүлүп жатышат. Алар шаардын дубалдарына шашылып жатышат, бирок курчоо коюлуп калган.

6 Дарыялардын дарбазалары ачылды, падыша сарайы кулап калды.

7 Чечилди: аны жылаңачтап, туткундап кетишет, анын күңдөрү төшүн койгулап, көгүчкөндөрдөй онтошот.

8 Байыртадан бери Ниневи сууга толгон көлмөгө окшош. Алар болсо качып бара жатышат. «Токтогула! Токтогула!» – деп кыйкырып жатышат. Бирок эч ким кылчайган жок.

9 Алтын-күмүштөрдү ташып кеткиле! Топтолгон ар кандай кымбат баалуу буюмдарга сан жетпейт.

10 Ал таланып-тоналду, ээн калды жана кыйратылды, ошондуктан жүрөк өлүп, тизелер титиреп жатат. Бардыгынын бели катуу ооруп жатат, бардыгынын өңү карарып кетти.

11 Арстандардын үңкүрү, арстан күчүктөрүнүн жүргөн жери азыр кайда? Ал жерде эркек арстан, ургаачы арстан, күчүк арстан жүрөр эле, аларды эч ким коркутчу эмес.

12 Күчүктөрүн тойгузуш үчүн, башкаларды тыткылап өлтүргөн, ургаачы арстандары үчүн башкаларды муунтуп өлтүргөн, өз үңкүрүн олжого, өз ийинин талап-тоноп алган нерсесине толтурган арстан кайда?

13 «Мен сага каршымын, – дейт Себайот Теңир, – сенин майдан арабаларыңды түтөтүп өрттөйм, сенин арстан күчүктөрүңдү кылыч жалмайт, олжоңду жер бетинен жок кылам, ошондон кийин сенин элчилериңдин үнү угулбайт.

**3-БӨЛҮМ**

**Ниневинин талкаланышынын себептери**

1 Канкор шаарга кайгы! Ал бүт бойдон алдамчылыкка жана киши өлтүрүүгө толгон. Анын ичинде талап-тоноочулук токтобой жатат.

2 Камчынын үнү, чимирилген дөңгөлөктөрдүн калдырттаганы, аттын азынаганы жана катуу келе жаткан майдан арабанын дүңгүрөгү угулат.

3 Атчан зымырайт, кылыч жалаңдайт, найза жаркылдайт. Өлтүрүлгөндөр өтө көп, өлүктөр үстү-үстүнө үйүлүп жатат; өлүктөргө сан жетпейт, аларга мүдүрүлүп жатышат.

4 Бул чебер сыйкырчылык кылган, сырты жагымдуу бузулган аялдын көп бузуку иштери үчүн болду, ал өзүнүн бузуку иштери менен элдерди, сыйкырчылыгы менен урууларды сатат.

5 Мен сага каршымын, – дейт Себайот Теңир, – кийимиңдин этегин бетиңе чейин көтөрүп, элдерге жылаңач этиңди көрсөтөм, падышачылыктарга абийириңди ачам.

6 Анан сенин үстүңө жийиркеничтүү нерселерди үйөм, сени жек көрүндү кылам, сени маскара кылам.

7 Ошондо сени көргөндөрдүн баары сенден качып: Ниневи талкаланды! Аны ким аяйт? Сени сооротуучуларды кайдан табам? – дешет.

8 Сен дарыялардын ортосунда жайгашкан, суулар менен курчалган, чеби деңиз болгон, деңиз ага дубал болгон Но-Амон шаарынан артыксыңбы?

9 Эфиопия менен Мисир анын күчү эле. Пут менен Ливия ага жардамга келип турушкан.

10 Бирок ал да көчүрүлүп кетти, туткундалып кетти. Атүгүл, анын наристелери да бардык көчөлөрдүн кесилиштеринде өлүп жатышат, анын атактуулары жөнүндө өкчөмө таш ыргытышты, анын бардык төрөлөрү чынжыр менен кишенделди.

11 Сен да мас болосуң, жашынасың, сен да душманыңдан качып, баш паана издейсиң.

12 Сенин бардык сепил-чептериң мөмөсү бышкан анжырга окшош. Эгерде аларды күбүсө, алар түз эле жегиси келгендин оозуна түшөт.

13 Сенин элиң өзүңдөгү аялдарга окшош. Жериңдин дарбазалары душмандарыңа аңырая ачылат, кулпуларыңды от жалмайт.

14 Курчоо убагына чейин суу ташып ал. Сепил-чептериңди бекемде. Ылайга кирип, баткак тебеле, кыш бышыра турган мешиңди оңдо.

15 Ошол жерде сени от жалмайт, кылыч кыя чабат. Сен кырк аяктай көбөйсөң да, чегирткедей жайнасаң да, сени кырк аяктай жейт.

16 Көпөстөрүңдү асмандагы жылдыздардан да көп кылдың. Бирок бул чегиртке туш-тушка учуп кетет.

17 Сенин төрөлөрүң чегирткелердей, аскер башчыларың чиркейлердин уюгундай, алар суукта дубалдардын кычыктарына уялашат, күн чыкканда, туш-тушка учуп кетишет, алардын орду кайда экенин билбей каласың.

18 Ашур падышасы, сенин койчуларың уктап жатышат, төрөлөрүң эс алып жатышат. Сенин элиң тоолорго чачырап кетти, аларды чогултар эч ким жок.

19 Сенин жараатыңа даба жок, жараатың оор. Сен тууралуу кабар уккандардын бардыгы кол чабышат, анткени сенин тыйылбаган кыянаттыгың кимге гана багытталган жок?!»

**ХАБАКУК**

**1-БӨЛҮМ**

**Хабакуктун сыйынуусу**

1 Хабакук пайгамбар көргөн көрүнүш.

2 Теңир, мен качанга чейин боздой берем? Сен мени качанга чейин укпайсың? Сага качанга чейин зордук-зомбулук тууралуу зар какшай берем? Сен качанга чейин куткарбайсың?

3 Эмне үчүн Сен мага кыянат иштерди, кыйынчылыктарды көрсөтүп жатасың? Талап-тоноочулук менен зордук-зомбулукту өз көзүм менен көрүп жатам, касташуулар менен уруш-чатактар болуп жатат.

4 Ушундан улам мыйзам өз күчүн жоготту, адилеттүү сот жок. Мыйзамсыз адам адил адамга үстөмдүк кылгандыктан, сот да туура эмес жүрүп жатат.

**Теңирдин жообу**

5 «Башка элдерге көз жүгүртүп, кунт коюп карагылачы, ошондо силер абдан таң каласыңар. Анткени Мен силердин күндөрүңөрдө бир иш жасайм, эгерде ал жөнүндө силерге айтышса, ишенмек эмессиңер.

6 Анткени Мен каздимдерди, жерди узун-туурасынан аралап жүргөн ырайымсыз жана жүгөндөлбөгөн элди, өздөрүнө таандык эмес айыл-кыштактарды басып алууга көтөрөм.

7 Ал – коркунучтуу, каардуу эл. Анын өкүмү да, бийлиги да өзүнөн чыгат.

8 Анын аттары илбирстерден күлүк, иңирдеги карышкырлардан ыкчам. Анын атчан аскерлери ар тарапка чапкылашат. Анын атчандары алыстан келишет, жемине шукшурулуп келип тийген бүркүттөй болуп учуп келишет.

9 Алардын баары талап-тонош үчүн келишет. Ал алдыга умтулуп, кумдай сансыз адамдарды туткундап кетет.

10 Ал падышаларды шылдың кылат, төрөлөр анын күлкүсүнө айланат. Ал бүт сепилдерге күлөт, курчоо жалын үйүп, аны каратып алат.

11 Ошондо ал текеберденет, жаалданып, ары-бери басат. Анын кудайы – өзүнүн күчү».

**Хабакуктун экинчи ирет сыйынуусу**

12 Бирок менин Кудай-Теңирим, менин Ыйыгым эзелтен бери эле Сен эмес белең? Биз өлбөйбүз! Сен, Теңир, аны сот үчүн койгонсуң. Менин аска-зоом! Сен аны жазалаш үчүн дайындагансың.

13 Сенин таза көздөрүң кыянат иштерди карап тура албайт, Сен мыйзамсыздыкты карап тура албайсың. Бирок эмне үчүн Сен кыянат иш кылгандарды карап турасың, эмне үчүн Сен мыйзамсыз адам өзүнөн адилеттүүрөөк адамды жутуп жатканда унчукпайсың?

14 Эмне үчүн Сен адамдарды башчысы болбогон деңиз балыктарындай, жерде сойлоочулардай кылып таштап салдың?

15 Ал алардын баарын кайырмактары менен сүйрөп чыгып, тору менен кармап, балык кармаган торлоруна чогултуп жатат, ошон үчүн кубанып, салтанат куруп жатат.

16 Ошон үчүн өз торуна арнап курмандыктарды чалып жатат, балык кармаган торуна арнап жыпар жыттуу зат түтөтүп жатат, анткени алар аркылуу анын үлүшү майлуу, тамак-ашы мол.

17 Эмне, ал өз торун ошон үчүн бошотуп жатабы? Ошон үчүн элдерди аёосуз уруп-согуп жатабы?

**2-БӨЛҮМ**

**Теңирдин жообу**

1 Мен өз күзөт ордумда турдум, мунара үстүндө туруп, Теңир мага эмне деп айтарын билиш үчүн, менин даттануума эмне деп жооп берерин билиш үчүн, күтүп турдум.

2 Ошондо Теңир мага мындай деп жооп берди: «Көрүнүштү жаз, окуй турган адам оңой окуй алыш үчүн, аны таш лоокторго даана жазып кой.

3 Анткени көрүнүш белгилүү бир мезгилге таандык, ал акыркы күн жөнүндө айтат, алдабайт. Анын аткарылуу убактысы создуктурулуп жатса да, күт, анткени ал сөзсүз ишке ашат, аткарылбай койбойт.

4 Текебер адам тынч ала албайт, ал эми адил адам өз ишеними менен тирүү болот.

**Адилетсиздерге чыгарылган өкүм**

5 Текебер адам ачыган шарапка окшош, тынчыбайт. Ал өлгөндөр жаткан жайга окшоп араанын ачат, өлүмгө окшоп эч нерсеге тойбойт, ал өзүнө бардык элдерди чогултат, бардык урууларды жыйнайт.

6 Бирок элдердин баары ал тууралуу лакап айтып, шылдыңдуу ыр чыгарып: “Өзүн өзүнүкү эмес, башка бирөөнүкү менен ченемсиз байыткан, өзүнө күрөөнү үйүп алган адамга кайгы! Бул качанкыга чейин созулат дейсиң!” – дешет.

7 Сени тытып жей тургандар капысынан чыкпайт бекен? Талап-тоноочулар сага каршы көтөрүлбөйт бекен? Алар сени талап-тоношот.

8 Сен көп элдерди талап-тоногонсуң, адам канын төккөнсүң, өлкөнү, шаарды жана анда жашагандардын баарын кыйраткансың, ошон үчүн сени да башка элдер талап-тоношот.

9 Өзүн жамандыктан сакташ үчүн, уясын бийик жерге салыш үчүн, арам жол менен байлык жыйнаган адамга кайгы!

10 Сен көп элдерди кырып, өз үйүңдү уят кылдың, өз жаныңа каршы күнөө кылдың.

11 Дубалдардын таштары боздоп ыйлашат, жыгач устундар аларга мындай деп жооп беришет:

12 “Кан төгүп шаар курганга, мыйзамсыздык менен чеп курганга кайгы!”»

13 Элдердин эмгегин от жалмап жатканы, уруулардын өздөрүн өздөрү бекер кыйнап жатышканы Себайот Теңирден эмес бекен?

14 Анткени суулар деңизди толтургандай, жер Теңирдин даңкын таанып билүүгө толот.

15 Сага кайгы, анткени сен жакыныңа өзүңдүн кыянаттыгың кошулган ичимдик берип жатасың, анын жылаңач этин көрүш үчүн, аны мас кылып жатасың!

16 Сен даңкка эмес, маскарачылыкка тойдуң. Сен да ич, жылаңач этиңди көрсөт. Теңирдин оң колундагы чөйчөк сага да жетет. Сага даңк эмес, маскарачылык келет.

17 Анткени сен Лебанондо кыянаттык кылдың, үрөйү учкан жаныбарларды кырдың, адам канын төктүң, өлкөнү, шаарды жана анда жашагандардын баарын кыйраттың.

18 Сүрөтчү жасаган буркандан, куюлуп жасалган бул жалган окутуучудан эмне пайда? Уста сүйлөбөгөн кудайларды жасап, өз чыгармасына таянганы менен, андан эмне пайда?

19 Жыгачка: «Тур!» – деген, үнсүз ташка: «Ойгон!» – деген адамга кайгы! Ошолор бир нерсеге үйрөтө алышабы? Ал алтын-күмүш менен капталган, анын жаны жок.

20 Теңир болсо Өзүнүн ыйык ийбадатканасында. Анын алдында бүт жер жүзү үндөбөсүн!

**3-БӨЛҮМ**

**Хабакуктун сыйынуусу**

1 Хабакук пайгамбардын сыйынуусу, ырдоо үчүн.

2 Теңир! Мен Сенин үнүңдү угуп, коркуп кеттим. Теңир! Жакынкы жылдары Өз ишиңди бүтүр, жакынкы жылдары аны жүзөгө ашыр. Каарданып жатканыңда, ырайым жөнүндө эсте.

3 Кудай Теймандан келе жатат, Ыйык Паран тоосунан келе жатат. Анын улуулугу асманды каптады, жер Анын даңкына толду.

4 Анын жаркырашы күндүн жарыгындай. Анын колунан нур чачырайт. Анын күчү сакталган жашыруун жер – ошол жер!

5 Анын алдында жугуштуу дарт бара жатат, артында куйкалоочу шамал келе жатат.

6 Ал туруп, жерди солкулдатты. Карап, элдерди калтыратты. Байыркы тоолор кулады, алгачкы адырлар урады. Анын жолдору түбөлүктүү.

7 Мен эфиопиялыктардын чатырларынын кайгыга батканын көрдүм. Мидиан жериндеги алачыктар солкулдап жатат.

8 Теңир, Сенин каарың дарыяларга жалындады беле? Өз аттарыңа минип, Өзүңдүн куткаруучу майдан арабаларыңа түшкүдөй, Сен дарыяларга кыжырдандың беле же деңизге каардандың беле?

9 Урууларга берген антың боюнча Сен Өз кылычыңды кынынан суурудуң. Сен жерди суулар менен жардың.

10 Сени көрүп, тоолор титиреди, суулар ташыды, туңгуюк өз добушун чыгарды, өз колдорун бийик көтөрдү.

11 Сенин атылган жебелериңдин жарыгынан, Сенин жалтылдаган найзаларыңдын жарыгынан күн менен ай өз ордунда токтоп калды.

12 Сен жер үстүндө каарданып басып жүрдүң, кыжырданып, элдерди тебеледиң.

13 Сен Өз элиңди куткарыш үчүн, Өзүңдүн майланганыңды куткарыш үчүн чыктың. Сен мыйзамсыз үйдүн башчысын кыйраттың, ал үйдү пайдубалынан төбөсүнө чейин жылаңачтадың.

14 Сен анын аскер башчысын өзүнүн найзасы менен башка сайдың. Алар мени кыйратыш үчүн, куюндай жулкунуп келишти. Алардын кубанычы жакырды жашыруун жутуп алгысы келгендин кубанычына окшош.

15 Сен Өз аттарың менен деңиздерден, чоң суулардын иримдеринен өттүң.

16 Муну укканда, менин ички дүйнөм титиреп кетти. Бул кабардан эриндерим дирилдеп, сай-сөөгүм сыздап кетти, тизелерим титиреди. Бирок мен алаамат түшкөн күнү, элиме талоончу келгенде, кабатыр болбошум керек.

17 Анжыр гүлдөбөй калса да, жүзүм сабагы мөмө бербей калса да, зайтун дарагы жемиш бербей калса да, эгин талаасы аштык бербей калса да, короодо майда мал калбай калса да, акырларда байланган бодо мал калбай калса да,

18 мен Теңирим менен кубанам, мени куткарган Кудайым менен шаттанам.

19 Кудай-Теңир менин күчүм, Ал менин буттарымды бугунун буттарындай кылат, мени өзүмдүн бийик жерлериме чыгарат! (Ырчылар тобунун башчысына).

**СЕПАНИЯ**

**1-БӨЛҮМ**

**Теңирдин улуу күнү жөнүндө пайгамбарчылык**

1 Жүйүт падышасы Амон уулу Жошиянын тушунда Жехиския уулу, Амария уулу, Гедалия уулу, Куши уулу Сепанияга Теңирден болгон сөз.

2 «Бардыгын жер үстүнөн жок кылам, – дейт Теңир. –

3 Адамдарды да, жаныбарларды да, асман канаттууларын да, деңиз балыктарын да жок кылам, мыйзамсыздарды азгырыктары менен кошо жок кылам. Адамдарды жер үстүнөн жок кылам, – дейт Теңир.

4 Мен Өз колумду Жүйүткө жана Иерусалимдин бардык тургундарына каршы сунам. Бул жерден Баалдын калдыгын, анын буткана кызматчыларынын ысымын да, кызматчыларын да жок кылам.

5 Үйдүн үстүндө туруп алып, асман кошуундарына табынгандарды, Теңир менен ант бергендерди, өздөрүнүн падышалары менен ант бергендерди жок кылам.

6 Теңирден баш тарткандарды, Теңирди издебегендерди, Ал жөнүндө сурабагандарды жок кылам.

7 Кудай-Теңирдин алдында унчукпа, анткени Теңирдин күнү жакын. Чалына турган курмандыкты Теңир даярдап койгон, кимди чакырууну белгилеп койгон.

8 Курмандык чалына турган Теңирдин күнү мындай болот: Мен төрөлөрдү, падышанын уулдарын жана бөтөн урууларлдын кийимин кийгендердин бардыгын жазалайм.

9 Мен ошол күнү босогодон секирип өткөндөрдүн баарын, өз Теңиринин үйүн зордук-зомбулукка, алдамчылыкка толтургандардын баарын жазалайм.

10 Ошол күнү, – дейт Теңир, – Балык дарбазасынын алдында ый, башка дарбазалардын алдында өкүрүк, дөбөлөрдө чоң кыйроо болот.

11 Шаардын төмөнкү бөлүгүндө жашагандар, боздоп ыйлагыла, анткени соода-сатык кылган эл бүт бойдон жок болот, күмүштүн түйшүгүн тарткандар кырылат.

12 Ошол учурда мындай болот: Мен Иерусалимди чырактан менен карап чыгам да, өздөрүнүн ачыткысынын үстүндө отуруп алып, ичинен “Теңир жакшылык да, жамандык да кылбайт” дегендерди жазалайм.

13 Алардын байлыгы олжого кетет, үйлөрү ээн калат: үйлөрдү салышат, бирок ал үйлөрдө жашашпайт, жүзүмдүктөрдү отургузушат, бирок алардын шарабын ичишпейт.

14 Теңирдин улуу күнү жакын, абдан жакын, абдан шашып келе жатат. Теңир күнүнүн добушу угулуп жатат. Ошондо эң күчтүү да ачуу кыйкырат!

15 Ал күн – каардын, кайгы менен кысымчылыктын, кыйроо менен бүлгүн-чапкындын, караңгы менен туңгуюктун, булут менен мунарыктын,

16 сепил-чептүү шаарларга жана бийик мунараларга каршы сурнай тартуу жана согуш ураандарын чакыруу күнү.

17 Мен адамдарды кысымга алам, ошондо алар сокурларга окшоп басып калышат, анткени алар Теңирге каршы күнөө кылышты, алардын каны топурактай, денелери кыктай туш-тушка чачылат.

18 Теңирдин каары төгүлгөн күнү аларды күмүшү да, алтыны да куткара албайт, бул жер бүт бойдон Анын кызганычынын оту менен өрттөлөт, анткени Ал бул жерде жашагандардын бардыгын күтүлбөгөн жерден кырып жок кылат».

**2-БӨЛҮМ**

**Элди Кудайдан кечирим суроого чакыруу**

1 Жүгөнсүз эл, өзүңөрдү жакшылап изилдегиле,

2 Кудайдын өкүмү чыкканга чейин, топон сыяктуу сапырылып кеткениңерге чейин, силерди Теңирдин жалындуу каары каптаганга чейин, силерге Теңирдин катуу каары төгүлө турган күн келгенге чейин, өзүңөрдү изилдегиле!

3 Жердеги бардык момундар, Теңирдин мыйзамдарын аткаргандар, Теңирди издегиле. Адилеттикти издегиле, момундукту издегиле. Балким, силер Теңирдин каары төгүлгөн күнү аман каларсыңар.

**Элдердин жазаланары жөнүндө**

4 Анткени Азаны таштай качышат, Ашкелонду ээн калтырышат, Азотту чак түштө кууп чыгышат, Экронду түп-тамыры менен жок кылышат.

5 Деңиз жээгиндеги өлкөнүн тургундарына, Крит элине кайгы! Канаан, Пелишти жери, Теңирдин сөзү силерге каршы! Мен сени жок кылам, сенин тургундарың жок болот.

6 Деңиз жээгиндеги өлкө койчулардын кой короосуна жана малдын кашаасына айланат.

7 Бул аймак Жүйүттүн калдыгына тиет, ошол жерге мал жайышат, кечкисин Ашкелондун үйлөрүндө эс алышат, анткени аларга өздөрүнүн Кудай-Теңири келип, алардын туткундарын кайрып келет.

8 Мен Мааптын шылдыңын, Амон уулдарынын жаман сөздөрүн уктум, алардын Менин элимди кандай кордогонун, анын аймактарында кандай текеберденгенин уктум.

9 Ошондуктан – дейт Ысрайылдын Кудайы, Себайот Теңир, – Маап Содомдой, Амон уулдары Амордой болот, алар чалкан баскан жерге, шор баскан чуңкурчаларга, түбөлүк эрме чөлгө айланышат. Менин элимдин калдыгы аны талап-тоноп алат, Менин адамдарымдын ичинен аман калгандары аларды мурастап алышат, Мен тирүүмүн!

10 Бул аларга алардын текебердиги үчүн, Себайот Теңирдин элине кордук көрсөтүп, менменсинишкени үчүн болот.

11 Алар Теңирден коркуп калышат, анткени Ал жер үстүндөгү бардык кудайларды жок кылат. Бардык аралдардын элдери, ар бири өз жеринде Ага табынышат.

12 Силер да, эфиопиялыктар, Менин кылычым менен өлтүрүлөсүңөр».

13 Ал Өз колун түндүккө каршы сунуп, Ашурду жок кылат, Ниневини урандыга, чөл сыяктуу какшыган жерге айлантат.

14 Ал жерге ар кандай мал жана жапайы жаныбарлар байыр алышат. Анын дарбазаларынын мамыларына биргазан менен кирпи чечен түнөйт. Алардын үндөрү терезелерден угулат, эшиктердин мамылары кыйраган, анткени аларга капталган кедр жыгачтары сыйрылып калган.

15 Салтанат куруп, бейкапар жашаган, жүрөгүндө: «Мен эле бармын, менден башка эч ким жок», – деген шаарга ушундай болот. Ал кандай кыйрады! Ал жырткычтардын түнөгүнө айланды! Анын жанынан өткөн ар бир адам ышкырып, колун шилтейт.

**3-БӨЛҮМ**

**Иерусалимдин күнөөсү**

1 Козголоңчул, булганган, ырайымсыз шаарга кайгы!

2 Ал сөздү укпайт, акыл-насаатты кабыл албайт, Теңирге таянбайт, өз Кудайына жакындабайт.

3 Анын төрөлөрү – ырылдаган арстандар, башкаруучулары – иңирдеги карышкырлар, алар таңга чейин бир да сөөк калтырышпайт.

4 Анын пайгамбарлары – жеңил ойлуу, ишенимсиз адамдар. Анын ыйык кызмат кылуучулары ыйык нерселерди булгашат, мыйзамды тебелеп-тепсешет.

5 Адилет Теңир анын ичинде, адилетсиздик жасабайт, ар дайым эртең менен Өзүнүн адилет өкүмүн көрсөтүп турат. Бирок мыйзамсыз адам уят-сыйытты билбейт.

6 «Мен элдерди кырдым, алардын чептери кыйратылды. Алардын көчөлөрүн ээн калтырдым, эми ал көчөлөрдөн эч ким баспайт. Алардын шаарлары талкаланды: аларда эч ким жашабай калды, бир да адам калган жок.

7 Мен ага: "Менден гана корк, акыл-насаатты кабыл ал!" – дегем. Менден коркуп, акыл-насаатымды кабыл алганда, анын турак жайы кыйратылмак эмес, ал үчүн Мен белгилеген нерсе анын башына түшмөк эмес. Бирок алар өздөрүнүн бардык жаман иштерин тырышчаактык менен улантып жатышты.

8 Ошондуктан Мен кыйратуу үчүн ордуман турган күнгө чейин, Мени күткүлө, – дейт Теңир, – анткени Мен элдерди чогултуш үчүн, падышачылыктарды чакырыш үчүн, аларга Өзүмдүн каарымды, Өзүмдүн жалындаган каарымды төгүш үчүн өкүм чыгардым. Анткени бүт жер жүзүн Менин кызганычымдын оту жалмайт.

9 Ошондо бардык элдер Теңирдин ысымын чакырсын деп, Ага бир кишидей кызмат кылсын деп, Мен аларга кайрадан таза ооз берем.

10 Эфиопия дарыяларынын аркы өйүзүндөгү өлкөлөрдөн Мага табынуучулар – Менин чачырап кеткен элимдин балдары Мага тартуу алып келишет.

11 Ошол күнү сен өзүңдү Мага каршы жасаган ар кандай күнөөлүү иштериң менен булгабайсың, анткени Мен ошол күнү сенин ичинден сенин атагың менен мактангандарды жок кылам, ошондон кийин Менин ыйык тоомдо өзүңдү жогору көтөрбөйсүң.

12 Бирок сенин ичиңе момун, жөнөкөй элди калтырам, алар Теңирдин ысымына таянышат.

13 Ысрайылдын калдыгы адилетсиздик кылбайт, жалган сүйлөбөйт, алардын оозунда айлакер тил болбойт. Алар тынч оттоп, жайылып жүргөн койлордой болушат, эч ким алардын тынчын албайт».

**Теңирден кечирим суроого чакыруу**

14 Кубан, Сион кызы! Салтанат кур, Ысрайыл! Бүт жүрөгүң менен кубан, шаттан, Иерусалим кызы!

15 Теңир сени жазалабай турган болду, сенин душманыңды кууп чыкты! Теңир, Ысрайыл Падышасы, сени менен, мындан ары жамандыктан коркпойсуң.

16 Ошол күнү Иерусалимге: «Коркпогун», Сионго: «Сенин колуңдан күч кетпесин!

17 Сенин Кудай-Теңириң сени менен, Анын сени куткарганга күчү жетет. Ал сен үчүн абдан кубанат, Өз сүйүүсү менен сага ырайым кылат, сен жөнүндө шаттанып салтанат курат», – дешет.

18 «Салтанаттуу майрамдар үчүн кайгыргандарды Мен чогултам. Алар сенин адамдарың, алардын үстүндө маскарачылык жатат.

19 Мына, Мен ошол учурда сени кысымга алгандардын баарын жок кылам, аксагандарды куткарам, чачырап кеткендерди чогултам, алар кайсы жерде кордолушса, ошол жерде аларды атактуу, даңктуу кылам.

20 Ошол учурда силерди алып келем, ошол эле учурда силерди чогултам. Мен силердин туткундарыңарды көз алдыңарда кайрып келип, силерди жер үстүндөгү бардык элдердин арасында атактуу, даңктуу кылам», – дейт Теңир.

**АКАЙ**

**1-БӨЛҮМ**

**Ийбадатkананы калыбына келтирүү жөнүндөгү Теңирдин буйругу**

1 Дарий падышанын падышачылыгынын экинчи жылында, алтынчы айдын биринчи күнү Жүйүт башчысы Шалтиел уулу Зоробабылга жана башкы ыйык кызмат кылуучу Жетсадак уулу Жешуяга Акай пайгамбар аркылуу Теңирден сөз болду.

2 Себайот Теңир мындай деди: «Бул эл: "Али убакыт келе элек, Теңир үйүн курганга убакыт келе элек", – деп жатат».

3 Акай пайгамбар аркылуу Теңирден сөз болду:

4 «Бул үй кыйрап жатса, өзүңөрдүн жасалгалуу үйүңөрдө жашай турган убакпы?»

5 Ошондуктан бүгүн Себайот Теңир мындай дейт: «Жүрөгүңөрдү өзүңөрдүн жолдоруңарга бургулачы.

6 Силер үрөндү көп сээп, бирок түшүмдү аз алып жатасыңар; жеп, бирок тойбой жатасыңар; ичип, бирок суусунуңар канбай жатат; кийим кийип, бирок жылыбай жатасыңар; эмгек акы тапкандар түбү тешик намыян үчүн эмгектенип жатышат».

7 Себайот Теңир мындай дейт: «Жүрөгүңөрдү өзүңөрдүн жолдоруңарга бургулачы.

8 Тоого чыгып, жыгач көтөрүп келип, ийбадаткана кургула. Мен ага ыраазы болом жана даңкталам, – дейт Теңир.

9 Көп нерсени күтүп, бирок аз нерсе алып жатасыңар. Үйүңөргө эмнени алып келсеңер, Мен аны сапырып жиберем. Эмне үчүн? – дейт Себайот Теңир. – Менин үйүм үчүн, ал кыйрап жатса, ар кимиңер өз үйүңөргө чуркайсыңар.

10 Ошон үчүн асман жабылып, силерге шүүдүрүм бербей жатат, жер өз түшүмүн бербей жатат.

11 Мен жерге, тоолорго, эгинге, жүзүм ширесине, зайтун майына, жер эмнени өстүрүп чыгарса, ошонун баарына, адамга, малга, ар кандай кол эмгекке кургакчылык чакырдым».

**Элдин тил алуусу**

12 Ошондо Шалтиел уулу Зоробабыл, Жетсадак уулу Жешуя жана элдин бардыгы өз Кудай-Теңиринин үнүн, өздөрүнүн Кудай-Теңири жиберген Акай пайгамбардын сөзүн угушту. Эл Теңирден коркуп калды.

13 Ошондо Теңирдин кабарчысы Акай элге Теңирдин сөзүн айтты: «Мен силер мененмин, – дейт Теңир».

14 Теңир Жүйүт башчысы Шалтиел уулу Зоробабылдын рухун, башкы ыйык кызмат кылуучу Жетсадак уулу Жешуянын рухун жана элдин бүт калдыгынын рухун козгоду, ошондо алар келишип, өз Кудайынын – Себайот Теңирдин үйүндө иштей башташты.

15 Ишти Дарий падышанын падышачылыгынын экинчи жылы, алтынчы айдын жыйырма төртүнчү күнү башташты.

**2-БӨЛҮМ**

**Акыркы ийбадаткананын даңкы жөнүндө**

1 Жетинчи айдын жыйырма биринчи күнү Акай пайгамбар аркылуу Теңирден мындай сөз болду:

2 «Эми Жүйүт башчысы Шалтиел уулу Зоробабылга, башкы ыйык кызмат кылуучу Жетсадак уулу Жешуяга жана элдин калдыгына мындай де:

3 “Араңарда бул үйдү мурунку даңкы менен көргөндөр барбы? Азыр силер аны кандай абалда көрүп турасыңар? Силердин көзүңөргө ал эч нерсеге арзыбаган нерсе катары көрүнүп турган жокпу?

4 Бирок сен азыр кайраттан, Зоробабыл, – дейт Теңир, – башкы ыйык кызмат кылуучу Жетсадак уулу Жешуя, кайраттан! Бул жердин бүт эли, кайраттан, – дейт Теңир, – иштей баштагыла, анткени Мен силер мененмин, – дейт Себайот Теңир.

5 Мисирден чыкканыңарда Менин силер менен түзгөн келишимим жана Менин рухум силер менен, коркпогула!”»

6 Анткени Себайот Теңир мындай дейт: «Жакын арада Мен асман менен жерди, деңиз менен кургактыкты дагы бир жолу солкулдатам,

7 бардык элдерди солкулдатам, ошондо бардык элдер өздөрүнүн кымбат баалуу нерселери менен келишет, бул үйдү даңкка толтурам, – дейт Себайот Теңир.

8 Күмүш Меники, алтын да Меники, – дейт Себайот Теңир.

9 Бул акыркы ийбадаткананын даңкы мурунку ийбадаткананын даңкынан жогору болот, – дейт Себайот Теңир. – Мен бул жерге тынчтык берем, – дейт Себайот Теңир».

**Пайгамбардын ыйык кызмат кылуучуларга берген суроолору**

10 Дарийдин падышачылыгынын экинчи жылы, тогузунчу айдын жыйырма төртүнчү күнү Акай пайгамбар аркылуу Теңирден сөз болду:

11 Себайот Теңир мындай дейт: «Ыйык кызмат кылуучулардан мыйзам тууралуу сура:

12 “Эгерде кимдир бирөө ыйык этти этегине салып бара жатып, этегин нанга, же бышкан ашка, же шарапка, же зайтун майына, же болбосо кандайдыр бир тамакка тийгизип алса, ал нерсе ыйык болуп калабы?”» Ыйык кызмат кылуучулар: «Жок», – деп жооп беришти.

13 Анан Акай мындай деди: «Эгерде өлүккө тийип булганган адам ушул нерселердин бирине тийип кетсе, ал нерсе таза эмес болуп калабы?» Ыйык кызмат кылуучулар: «Таза эмес болуп калат», – деп жооп беришти.

14 Ошондо Акай мындай деди: «Бул эл ушундай, Менин алдымда бул уруу ушундай, – дейт Теңир, – алар кылган иштердин баары ушундай! Алардын ошол жерде чалган курмандыктарынын бардыгы таза эмес.

**Өжөрлүктүн айынан жеңилүү**

15 Эми жүрөгүңөрдү бүгүнкү күндөн Теңир ийбадатканасында таш үстүнө таш коюла элек мезгилге карай бургулачы.

16 Ошол убактарда мындай болгон: жыйырма өлчөм боло турган чөмөлөгө келишсе, он өлчөм болуп чыккан; жүзүм сыгылуучу жайга элүү өлчөм сузуп алганы келишсе, жыйырма эле өлчөм болуп чыккан.

17 Мен силерди эгиниңерге коңур дат оорусун жиберип, эгиниңерди күйгүзүп, кылган бардык ишиңерди мөндүр менен талкалап жазаладым, ошондо да силер Мага кайрылган жоксуңар, – дейт Теңир.

18 Бүгүнкү күндөн тартып – тогузунчу айдын жыйырма төртүнчү күнүнөн, Теңирдин ийбадатканасы негизделген күндөн тартып артка карай жүрөгүңөрдү бургулачы. Жүрөгүңөрдү бургула:

19 Кампаларда дагы үрөн барбы? Буга чейин жүзүм сабагы да, анжыр дарагы да, анар дарагы да, зайтун дарагы да түшүм берген эмес. Ушул күндөн тартып Мен силерге батамды берем».

**Зоробабылга берилген убада**

20 Айдын жыйырма төртүнчү күнү Акай пайгамбарга Теңирден экинчи ирет сөз болуп, мындай деп айтылды:

21 «Жүйүт башчысы Зоробабылга мындай деп айт: “Мен асман менен жерди солкулдатам.

22 Падышачылык тактыларды кулатам, бутпарас падышачылыктардын күчүн жок кылам, майдан арабаларын жана аларда отургандарды аласалдырам, аттары да, чабандестери да жерге кулатылат, ар бири өз бир тууганынын кылычы менен кулатылат.

23 Кулум, Шалтиел уулу Зоробабыл, – дейт Себайот Теңир, – ошол күнү Мен сени Өзүмө алам, – дейт Теңир, – сени мөөр шакеги катары сактайм, анткени Мен сени тандап алдым”, – дейт Себайот Теңир».

**ЗАХАРИЯ**

**1-БӨЛҮМ**

**Кудайдан кечирим суроого чакыруу**

1 Дарийдин падышачылыгынын экинчи жылында, сегизинчи айда Ыда уулу, Берехия уулу Захария пайгамбарга Теңирден мындай сөз болду:

2 «Теңир силердин ата-бабаларыңарга катуу каарданды.

3 Ошондуктан сен аларга айт: Себайот Теңир мындай дейт де: “Мага кайтып келгиле, – дейт Себайот Теңир, – ошондо Мен да силерге кайтып келем, – дейт Себайот Теңир.

4 Ата-бабаларыңардай болбогула, аларга мурунку пайгамбарлар мындай деп айтышкан: Себайот Теңир мындай дейт: «Кыянат жолдоруңардан, жаман иштериңерден кайткыла». Бирок алар тил албай, Мага кулак салбай коюшкан, – дейт Теңир.

5 Ата-бабаларыңар азыр кайда? Пайгамбарларыңарчы? Алар түбөлүк жашамак беле?

6 Бирок Өзүмдүн кулдарым пайгамбарларга осуят кылган сөздөрүм менен чечимдерим силердин ата-бабаларыңарга жеткен жок беле? Алар кайрылып: «Себайот Теңир жолдорубузга жана иштерибизге жараша бизге эмне кылууну чечсе, ошону кылды»”», – деп айтышкан.

**Жээрде ат минген адам жөнүндөгү көрүнүш**

7 Дарийдин падышачылыгынын экинчи жылында, он биринчи ай – Шебат айынын жыйырма төртүнчү күнү Ыда уулу, Берехия уулу Захария пайгамбарга Теңирден мындай сөз болду:

8 Мен түндө мындай көрүнүш көрдүм: капчыгайдагы мирта дарактарынын арасында жээрде ат минген бир киши туруптур, анын артында жээрде, тору жана боз аттар бар экен.

9 Ошондо мен: «Булар кимдер, мырзам?» – деп сурадым. Ошондо мени менен сүйлөшкөн периште мага: «Булардын кимдер экенин мен сага көрсөтөм», – деди.

10 Анан мирта дарактарынын арасында турган киши: «Булар – жер үстүн кыдырып чыгууга Теңир тарабынан жиберилгендер», – деди.

11 Ошондо алар мирта дарактарынын арасында турган Теңирдин периштесине: «Биз жер үстүн кыдырып чыктык, бардык жерге эл отурукташыптыр, бүт жер тынч экен», – дешти.

12 Ошондо Теңирдин периштеси: «Себайот Теңир! Иерусалимге жана Жүйүт шаарларына качанкыга чейин ырайым кылбайсың? Сен аларга жетимиш жылдан бери каарыңды төгүп келе жатасың», – деди.

13 Ошондо мени менен сүйлөшкөн периштеге жооп кылып, Теңир жакшы сөздөрдү, соорото турган сөздөрдү айтты.

14 Анан мени менен сүйлөшкөн периште мага мындай деди: «Жар салып айт, Себайот Теңир мындай дейт: “Мен Иерусалим менен Сионду чоң кызганыч менен кызганып жатам.

15 Тынч жаткан элдерге катуу каарданып жатам, анткени Мен аларга аз каарданганда, алар мыйзамсыздыкты күчөтүп жиберишти”.

16 Ошондуктан Теңир мындай дейт: “Мен Иерусалимге ырайым кылуу үчүн кайтып келдим. Иерусалимге Менин үйүм курулат, – дейт Себайот Теңир, – жер ченегич аркан Иерусалимдин үстүнөн тартылат”.

17 Дагы мындай деп жар сал: Себайот Теңир мындай дейт: “Менин шаарларым кайрадан байлыкка толот, Теңир Сионду кайрадан сооротот, Иерусалимди кайрадан тандап алат”».

**Төрт мүйүз жана төрт темир уста жөнүндөгү көрүнүш**

18 Мен башымды көтөрүп, төрт мүйүздү көрдүм.

19 Анан мени менен сүйлөшкөн периштеден: «Бул эмне?» – деп сурадым. Ал мага: «Булар – Жүйүттү, Ысрайылды жана Иерусалимди туш-тушка чачыратып жиберген мүйүздөр», – деп жооп берди.

20 Андан кийин Теңир мага төрт темир устаны көрсөттү.

21 Мен: «Булар эмне кылганы келе жатышат?» – деп сурадым. Ал мага: «Бул мүйүздөр Жүйүттү туш-тушка чачыратып жиберишти, алардын эч бири башын көтөрө албай калды. Бул төрт темир уста болсо аларды коркутуш үчүн, Жүйүттү туш-тушка чачыратып жибериш үчүн, Жүйүт жерине каршы өздөрүнүн мүйүзүн көтөргөн элдердин мүйүздөрүн сындырыш үчүн келди», – деп жооп берди.

**2-БӨЛҮМ**

**Жер ченеген арканы бар адам жөнүндө көрүнүш**

1 Анан мен башымды дагы көтөрүп, колунда жер ченегич арканы бар бир адамды көрдүм.

2 Мен андан: «Кайда бара жатасың?» – деп сурадым. Ал мага: «Иерусалимди ченеш үчүн, анын туурасы менен узуну канча экенин билиш үчүн бара жатам», – деп жооп берди.

3 Анан мени менен сүйлөшкөн периште кетти, кетип бара жатканда, анын алдынан дагы бир периште тосуп чыгып, мындай деди:

4 «Тезинен барып, бул жаш уланга мындай де: “Ичинде адам менен мал көп болгондуктан, Иерусалим чепсиз жашайт”».

5 «Мен ага, – дейт Теңир, – аны курчаган оттуу чеп болом, анын ичинде даңкталам.

6 Эй, эй! Түндүк өлкөсүнөн качкыла, – дейт Теңир. – Анткени Мен силерди туш тарапка чачып жибердим, – дейт Теңир.

7 Бабылдын кыздарыныкында жашап жаткан Сион, качып кутул».

8 Анткени Себайот Теңир мындай дейт: «Силер урматталышыңар үчүн, Ал Мени силерди талап-тоногон элдерге каршы жиберди. Анткени силерге ким тийсе, ал Анын көзүнүн карегине тийген болот.

9 Мен колумду аларга каршы көтөрөм, алар өз кулдарынын олжосу болушат. Ошондо Мени Себайот Теңир жибергенин билесиңер.

10 Кубан, шаттан, Сион кызы! Анткени Мен келип, сенин ичиңде жашайм, – дейт Теңир.

11 Ошол күнү көп элдер Теңирге келип, Менин элим болушат. Мен сенин ичиңде жашайм, ошондо Мени сага Себайот Теңир жибергенин билесиң.

12 Ошондо Теңир Жүйүттү, ыйык жердеги Өзүнүн энчисин, Өзүнө энчи кылып алат, Иерусалимди кайрадан тандап алат.

13 Теңирдин жүзүнүн алдында эч бир адам унчукпасын! Анткени Ал Өзүнүн ыйык турагынан туруп келе жатат».

**3-БӨЛҮМ**

**Улуу ыйык кызмат кылуучу Жешуя жөнүндө көрүнүш**

1 Ал мага Теңирдин периштесинин алдында турган улуу ыйык кызмат кылуучу Жешуяны жана ага каршылык кылыш үчүн, анын оң кол тарабында турган шайтанды көрсөттү.

2 Ошондо Теңирдин периштеси шайтанга мындай деди: «Сага Теңир тыюу салсын, шайтан! Сага Иерусалимди тандап алган Теңир тыюу салсын! Ал оттон чыгарып алынган чычала эмеспи?»

3 Булганган кийим кийген Жешуя периштенин алдында турду.

4 Ошондо периште өзүнүн алдында тургандарга: «Анын булганган кийимин чечкиле», – деди. Анын өзүнө болсо: «Кара, Мен сенден айыбыңды алып салдым, сага жакшы кийим кийгизип жатам», – деди.

5 Анан мындай деди: «Анын башына таза кидар кийгизгиле!» Ошондо анын башына таза кидар, үстүнө кийим кийгизишти. Теңирдин периштеси болсо ошол жерде турду.

6 Теңирдин периштеси Жешуяга мындай деп күбөлөндүрдү:

7 Себайот Теңир мындай дейт: «Эгерде сен Менин жолдорум менен жүрсөң, Менин күзөтүмдө турсаң, анда Менин үйүмдү башкарасың, Менин короо-жайларымды көзөмөлдөйсүң, Мен сени ушул жерде тургандардын арасында жүрө тургандай кылам.

8 Улуу ыйык кызмат кылуучу Жешуя, сен да, сенин алдыңда отурган бир туугандарың, атактуу адамдар да, уккула: мына, Мен Өзүмдүн кулум Бутакты алып келе жатам.

9 Анткени Жешуянын алдына Мен койгон таш мына. Ал таштын жети көзү бар, Мен анын үстүнө оюп жазам, – дейт Себайот Теңир, – ошентип, бул жердин күнөөсүн бир күндө өчүрөм.

10 Ошол күнү, – дейт Себайот Теңир, – бири-бириңерди жүзүм багынын жана анжыр дарагынын түбүнө чакырасыңар».

**4-БӨЛҮМ**

**Алтын чырактан менен эки зайтун дарагы жөнүндөгү көрүнүш**

1 Мени менен сүйлөшкөн периште кайрылып келип, мени уктап жаткан адамды ойготкондой ойготту.

2 Анан ал менден: «Сен эмнени көрүп турасың?» – деп сурады. Мен мындай деп жооп бердим: «Чылк алтындан жасалган чырактанды, анын үстүндөгү зайтун майы куюла турган чөйчөкчөнү, анын үстүндөгү жети чыракты, анын үстүндөгү чырактардын ар биринин жетиден түтүгүн көрүп турам.

3 Анын үстүндө эки зайтун дарагы бар экен, бири чөйчөктүн оң тарабында, экинчиси сол тарабында турат».

4 Анан мени менен сүйлөшкөн периштеден: «Бул эмне, мырзам?» – деп сурадым.

5 Ошондо мени менен сүйлөшкөн периште менден: «Сен мунун эмне экенин билбейсиңби?» – деп сурады. Мен ага: «Билбейм, мырзам», – деп жооп бердим.

**Зоробабылга берилген убада**

6 Ошондо ал мага мындай деди: «Бул Теңирдин Зоробабылга айткан сөзү: “Аскер кошууну менен да эмес, күч менен да эмес, бир гана Менин Рухум менен”, – дейт Себайот Теңир.

7 Сен кимсиң, улуу тоо? Зоробабылдын алдында сен бир түздүксүң. Ал негизги ташты “Кандай жыргал, кандай сонун!” деген кыйкырыктын астында алып чыгат».

8 Ошондо мага Теңирден мындай сөз болду:

9 «Бул үйдүн негизин Зоробабылдын колу койгон, анын колу бүтүрөт. Мени силерге Себайот Теңир жибергенин сен ошондо билесиң.

10 Анткени ким бул күндү мааниси жок күн деп эсептей алат? Зоробабылдын колундагы курулуш салмоорду кубаныч менен карап турган жанагы жети көз – Теңирдин бүт жер жүзүн карап турган жети көзү».

11 Ошондо мен андан: «Чырактандын оң тарабында да, сол тарабында да турган бул эки зайтун дарагы эмнени билдирет?» – деп сурадым.

12 Мен ага экинчи жолу суроо бердим: «Эки алтын түтүк аркылуу өзүнөн алтын куюп турган эки зайтун бутагы эмнени билдирет?»

13 Ошондо ал мага: «Сен мунун эмне экенин билбейсиңби?» – деди. Мен ага: «Билбейм, мырзам», – дедим.

14 Ошондо ал: «Бул экөө – зайтун майы менен майлангандар, бүт жер жүзүнүн Теңиринин алдында тургандар», – деп жооп берди.

**5-БӨЛҮМ**

**Учуп келе жаткан түрмөк китеп жөнүндөгү көрүнүш**

1 Кайрадан башымды көтөрүп, учуп келе жаткан түрмөк китепти көрдүм.

2 Ошондо ал менден: «Сен эмнени көрүп турасың?» – деп сурады. Мен ага: «Учуп келе жаткан түрмөк китепти көрүп турам, анын узундугу жыйырма чыканак, туурасы он чыканак экен», – дедим.

3 Ал мага мындай деди: «Бул – бүт жер бетине түшкөн каргыш. Анткени анын бир жак бетинде жазылгандай, ким уурулук кылса, ал жок кылынат; анын экинчи бетинде жазылгандай, ким калп карганса, ал жок кылынат».

4 «Мен аны каптаттым, – дейт Себайот Теңир, – ал уурунун үйүнө жана Менин ысымым менен калп каргангандын үйүнө кирип, анын үйүндө болуп, анын өзүн да, дарактарын да, таштарын да жок кылат».

**Эйфанын ичиндеги аял жөнүндөгү көрүнүш**

5 Анан мени менен сүйлөшкөн периште чыгып, мага мындай деди: «Башыңды дагы көтөрүп кара: Эмне чыгып келе жатат?»

6 Мен: «Бул эмне?» – деп сураганда, ал: «Бул чыгып келе жаткан – эйфа, бул – алардын бүт жер жүзүндөгү бейнеси», – деп жооп берди.

7 Ошондо бир тегерек коргошун өйдө көтөрүлдү. Ал жерде, эйфанын ичинде бир аял отуруптур.

8 Анан ал: «Бул аял – мыйзамсыздыктын өзү», – деди да, аны эйфанын ичине түрттү, ал эми эйфанын оозуна тегерек коргошунду ыргытты.

9 Анан мен башымды көтөрүп карасам, эки аял чыгып келе жатыптыр, алардын канаттарында шамал бар экен, алардын канаттары илегилектин канаттарына окшош экен. Алар эйфаны жер менен асмандын ортосунда көтөрүп жөнөштү.

10 Анан мени менен сүйлөшкөн периштеден: «Алар бул эйфаны кайда көтөрүп бара жатышат?» – деп сурадым.

11 Ошондо ал мага: «Аялга Шинар жеринде үй куруп бериш үчүн көтөрүп бара жатышат. Үй даяр болгондо, ал ошол жерге, өзүнүн ордуна коюлат», – деп жооп берди.

**6-БӨЛҮМ**

**Төрт майдан араба жөнүндөгү көрүнүш**

1 Анан мен башымды дагы көтөрүп, эки тоонун ортосундагы капчыгайдан төрт майдан араба чыгып келе жатканын көрдүм. Ал тоолор жез тоолор эле.

2 Биринчи арабадагы аттар жээрде, экинчи арабадагы аттар кара,

3 үчүнчү арабадагы аттар ак, төртүнчү арабадагы аттар тору, күчтүү аттар экен.

4 Анан мени менен сүйлөшкөн периштеден: «Булар эмне, мырзам?» – деп сурадым.

5 Периште мага мындай деп жооп берди: «Булар – бүт жер жүзүнүн Теңиринин алдында турган жеринен чыгып келе жаткан төрт асман руху.

6 Кара аттар чыгып, түндүк өлкөсүн көздөй бара жатышат, ак аттар алардын артынан келе жатышат, тору аттар чыгып, түштүк өлкөсүн көздөй бара жатышат».

7 Күчтүү аттар чыгып, бүт жер жүзүн аралап чыгууга уруксат сурашты. Ал: «Баргыла, жерди аралап чыккыла», – деди. Алар жерди аралап чыгышты.

8 Ошондо ал мени чакырып, мага: «Кара, түндүк жерине чыккандар түндүк жеринде Менин рухумду тынчтандырышты», – деди.

**Жешуянын таажы кийиши**

9 Анан мага Теңирден мындай сөз болду:

10 «Туткундан келген адамдардан – Хелдайдан, Тобиядан жана Жедаядан күмүш менен алтын алып, ошол эле күнү Сепания уулу Жошиянын үйүнө, алар Бабылдан кайсы үйгө келишсе, ошол үйгө бар.

11 Алардан алган күмүш менен алтындан таажы жаса. Анан аны улуу ыйык кызмат кылуучу Жетсадак уулу Жешуянын башына кийгиз.

12 Анан ага мындай де: Себайот Теңир мындай дейт: Мына Адам, Анын ысымы – Бутак, Ал Өзүнүн тамырынан өнүп чыгып, Теңирдин ийбадатканасын тургузат.

13 Ал Теңирдин ийбадатканасын тургузуп, даңкты кабыл алат, такка отурат, Өзүнүн тагында отуруп падышачылык кылат. Анын тагында ыйык кызмат кылуучу болот, экөөнүн ортосунда тынчтык кеңеши болот.

14 Ал таажы болсо Хейлем, Тобия, Жедая, Сепания уулу Хейин үчүн Теңирдин ийбадатканасында эстелик болуп тура берет.

15 Алыстан да келип, Теңирдин ийбадатканасын курууга катышышат, ошондо Мени силерге Себайот Теңир жибергенин билесиңер. Эгерде Кудай-Теңириңердин үнүн кунт коюп уга турган болсоңор, ушундай болот».

**7-БӨЛҮМ**

**Теңирге орозо эмес, кайрымдуулук иштери жагат**

1 Дарийдин падышачылыгынын төртүнчү жылы, тогузунчу ай – Кислеп айынын төртүнчү күнү Захарияга Теңирден сөз болду.

2 Ошондо Бейтел эли Саретсер менен Регем-Мелехти жана анын адамдарын Теңирдин алдында сыйынууга,

3 Себайот Теңирдин үйүндөгү ыйык кызмат кылуучулардан жана пайгамбарлардан «Көп жылдан бери ыйлап орозо кармап келгенимдей эле, бешинчи айда ыйлап орозо кармасам болобу?» деп суратканы жиберди.

4 Ошондо мага Себайот Теңирден мындай сөз болду:

5 «Бул жердин бүт элине жана ыйык кызмат кылуучуларга мындай деп айт: “Жетимиш жылдан бери бешинчи жана жетинчи айда орозо кармап ыйлаганыңарда, Мен үчүн орозо кармадыңар беле? Мен үчүн беле?

6 Жегениңерде жана ичкениңерде, өзүңөр үчүн жеген жок белеңер, өзүңөр үчүн ичкен жок белеңер?

7 Иерусалимге эл отурукташып, шаар тынч жашап жатканда, анын айланасындагы шаарларга, түштүк өлкөсүнө жана ойдуң жерлерге элдер отурукташканда, мурунку пайгамбарлар аркылуу Теңир ушул эле сөздөрдү айткан жок беле?”»

**Ысрайылдын чачырашынын себеби**

8 Ошондо Захарияга Теңирден мындай сөз болгон:

9 Ошондо Себайот Теңир мындай деген: «Адилет сот жүргүзгүлө, ар бириңер өз бир тууганыңарга ырайым жана боорукердик көрсөткүлө.

10 Жесир менен жетимге, келгин менен жакырга кысым көрсөтпөгүлө, жүрөгүңөрдө бири-бириңерге жамандык ойлобогула.

11 Бирок алар уккулары келбей, Менден жүздөрүн буруп кетишти, укпаш үчүн, кулактарын жаап алышты.

12 Себайот Теңир Өзүнүн Руху менен мурунку пайгамбарлар аркылуу жиберген мыйзамды жана сөздөрдү укпаш үчүн, жүрөктөрүн таш кылып алышты. Ошон үчүн алар Себайот Теңирдин катуу каарына калышты.

13 Мен чакырганда, алар укпай коюшту, алар чакырганда, Мен да укпай койдум, – дейт Себайот Теңир.

14 Мен аларды өздөрү билбеген элдердин арасына чачып жибердим, алардан кийин бул жер ээн калды, бул жерде эч ким жашабай калды, бул сонун өлкөнү алар чөлгө айландырышты».

**8-БӨЛҮМ**

**Кудайдын Ысрайылды куткарары жана ага бата берери жөнүндөгү убадасы**

1 Себайот Теңирден мындай сөз болду:

2 Себайот Теңир мындай дейт: «Мен Сионду чоң кызганыч менен кызгандым. Мен аны катуу каар менен кызгандым».

3 Теңир мындай дейт: «Мен Сионго кайрылып келип, Иерусалимде жашайм, ошондо Иерусалим чындык шаары деп аталат, Себайот Теңирдин тоосу ыйык тоо деп аталат».

4 Себайот Теңир мындай дейт: «Иерусалимдин көчөлөрүндө кайрадан кары кишилер менен кары аялдар колдоруна таяк кармап отурушат, анткени алар узак өмүр сүрүшөт.

5 Бул шаардын көчөлөрү ойноп жүргөн жаш балдар менен жаш кыздарга толот».

6 Себайот Теңир мындай дейт: «Эгерде бул ошол күндөрү бул элдин көзүнө укмуш болуп көрүнсө эле, Менин көзүмө да укмуш болуп көрүнмөк беле? – дейт Себайот Теңир».

7 Себайот Теңир мындай дейт: «Мен Өз элимди чыгыш өлкөсүнөн жана батыш өлкөсүнөн куткарып алам.

8 Аларды алып келем, алар Иерусалимде жашап калышат. Алар Менин элим болушат, акыйкаттык менен чындыктын негизинде Мен алардын Кудайы болом».

9 Себайот Теңир мындай дейт: «Себайот Теңирдин үйүнүн пайдубалы орнотулган күнү пайгамбарлар аркылуу айтылган сөздөрдү азыр да угуп жаткандар, ийбадаткананы куруш үчүн, кайраттуу болгула.

10 Анткени ошол күндөрдөн мурун адамдарга акы төлөө болгон эмес, жаныбарлардын эмгеги үчүн да акы төлөө болгон эмес. Кетип жаткандарга да, келип жаткандарга да душмандардан тынчтык болгон эмес. Адамдардын бири-бири менен касташуусуна Мен жол берчүмүн.

11 Азыр болсо бул элдин калдыгы үчүн Мен мурдагы күндөрдөй эмесмин, – дейт Себайот Теңир.

12 Анткени эгин тынчтыкта айдалат, жүзүм сабагы өз жемишин берет, жер өз түшүмүн берет, асман өз шүүдүрүмүн берет: мунун баарын Мен бул калган элдин ээлигине берем.

13 Жүйүт менен Ысрайыл, силер элдердин арасында каргыш болосуңар, бирок Мен силерди куткарам, силер бата болосуңар. Коркпогула, кайраттуу болгула!»

14 Анткени Себайот Теңир мындай дейт: «Силердин ата-бабаларыңар Мени каардантышканда, Мен силерди жазалоону чечкем, ошол чечимимди өзгөрткөн эмесмин, – дейт Себайот Теңир.

15 Бирок Мен бул күндөрү Иерусалимге жана Жүйүткө кайрадан жакшы нерсе кылууну чечтим. Коркпогула!

16 Силер кыла турган иштер булар: бири-бириңерге чындыкты айткыла, дарбазаңардын алдында акыйкаттык менен тынчтыкты сактап сот жүргүзгүлө.

17 Силердин araңардан эч ким өз жүрөгүндө жакынына каршы кыянаттык ойлобосун, жалган антты сүйбөгүлө, анткени мунун баары – Мен жек көргөн нерселер, – дейт Теңир».

18 Анан мага Себайот Теңирден мындай сөз болду:

19 Себайот Теңир мындай дейт: «Төртүнчү айдын орозосу, бешинчи айдын орозосу, жетинчи айдын орозосу жана онунчу айдын орозосу Жүйүт тукуму үчүн кубаныч менен шаттыкка, жакшы майрамдарга айлансын. Чындык менен тынчтыкты сүйгүлө».

20 Себайот Теңир мындай дейт: «Көптөгөн элдер жана көптөгөн шаарлардын тургундары келишет.

21 Бир шаардын тургундары экинчи шаардын тургундарына барып: “Теңирдин алдына барып сыйыналы, Себайот Теңирди издейли”, – дешет; Ар бири: “Мен да барам”, – дейт.

22 Иерусалимде Себайот Теңирди издеш үчүн, Теңирге сыйыныш үчүн, көптөгөн уруулар жана күчтүү элдер келишет».

23 Себайот Теңир мындай дейт: «Ал күндөрдө мындай болот: ар кандай тилдерде сүйлөгөн бардык элдерден он киши чыгып, бир жүйүттүн этегинен кармап, ага: “Биз сени менен барабыз, анткени Кудай силер менен экенин уктук”, – дешет».

## 9-БӨЛҮМ

### Ысрайылдын душмандарынын жазаланышы

1 Теңирдин Хадрах жерине каршы айткан пайгамбарчылык сөзү Дамаскка келип токтойт. Анткени Теңирдин көзү Ысрайылдын бардык уруусун кандай карап турса, бардык элдерди ошондой карап турат.

2 Ага чектеш Хаматты да, Тирди да, Сидонду да карап турат, анткени алар акылдуу.

3 Тир өзүнө чеп курду, күмүштү топурактай, алтынды көчөдөгү баткактай жыйып алды.

4 Бирок Теңир аны жакырдантат, анын күчүн деңиздин үстүндө талкалайт, өзүн от жалмайт.

5 Муну көрүп, Ашкелондун үрөйү учат, Азаны да катуу калтырак басат. Экронду да, анткени анын үмүтү жокко чыгат: Азада падыша калбайт, Ашкелон элсиз калат.

6 «Азотто бөтөн уруу жашап калат, пелиштиликтердин менменсингендигин жок кылам.

7 Анын оозунан канды, тиштеринин арасынан өзүнүн жийиркеничтүү нерселерин сууруп алам, ошондо ал да биздин Кудайыбызга таандык болот, ал Жүйүттө миң башы катарында болот, Экрон Жебус сыяктуу болот.

8 Мен Өз үйүмдүн жанына аскерге каршы, нары-бери өткөндөргө каршы кошуун коём, ошондон кийин кысым көрсөтүүчү ал жерден өтпөйт. Анткени Мен эми муну Өзүм карап турам.

### Ысрайылдын келе турган Падышасы

9 Кубанып, шаттыкка бөлөн, Сион кызы, салтанат кур, Иерусалим кызы, сага өзүңдүн адилеттүү, куткара турган, момун Падышаң келет. Ал ургаачы эшекке, кодикке, минип келет.

10 Ошондо Эпрайымдын майдан арабаларын, Иерусалимдеги аттарды жок кылам, согуш жаалары кыйрайт. Ал элдерге тынчтыкты кабарлайт, Ал деңизден деңизге чейин, дарыядан жер кыйырына чейин үстөмдүк кылат.

11 Сен жөнүндө айтсам, Мен сенин туткундарыңды өзүңдүн келишимиңдин каны үчүн суусу жок ордон чыгарам.

12 Үмүтү бар туткундар, өзүңөрдүн чебиңерге кайтып келгиле! Эки эселеп кайтарып беремимди сага азыр айтып жатам.

13 Анткени Мен Жүйүттү Өзүмө жаа кылам, Эпрайымды жебе кылам, Сион, сенин уулдарыңды Жабандын уулдарына каршы көтөрөм, сени алп жоокердин кылычы сыяктуу кылам».

14 Теңир алардын үстүнө келет, Анын жебеси чагылгандай учуп чыгат, Кудай-Теңир сурнай тартып, түштүк бороону менен жүрөт.

15 Аларды Себайот Теңир коргойт, алар өз душмандарын кырышат, салмоор таштарды тебелешет, канга тоюп, шарапка мас болгонсуп күүлдөшөт, алар курмандык чалынуучу идиштер сыяктуу, курмандык чалынуучу жайдын бурчтары сыяктуу канга толушат.

16 Койчу койлорун кандай куткарып алса, ошол күнү алардын Кудай-Теңири Өз элин ошондой куткарып алат. Анткени алар Анын жеринде таажыдагы асыл таштардай болуп жаркырашат.

17 Кандай жыргал, кандай сонун! Алардын уландары нан менен, кыздары шарап менен өсүшөт.

**10-БӨЛҮМ**

**Теңирдин убадалары**

1 Жазгы жамгырлар убагында Теңирден жамгыр сурагыла. Теңир чагылган чартылдатып, силерге мол жамгыр берет, талаадагы ар бир өсүмдүккө суу берет.

2 Анткени терафимдер жок нерсени айтышат, алдын ала айтуучулар жалган көрүнүштөрдү көрүшөт, жалган түштөрдү айтышат. Алар курулай көңүл жубатышат. Ошон үчүн алар койлорго окшоп адашып жүрүшөт, алар кыйналып жүрүшөт, анткени койчу жок.

3 «Койчуларга Менин каарым жалындады, текелерди Мен жазалайм. Анткени Себайот Теңир Өзүнүн койлоруна, Жүйүткө, келет, аларды Өзүнүн мыкты согуш аты катары коёт.

4 Андан негизги таш чыгат, андан чатырдын казыгы чыгат, андан согуш жаасы чыгат, андан эл бийлеген башкаруучулар чыгат.

5 Алар согушта душманды көчөдөгү ылайды тебелегендей тебелеп, баатырларча салгылашышат, анткени Теңир алар менен, алар атчан аскерлерди уятка калтырышат.

6 Жүйүттү чыңдайм, Жусупту куткарам, аларды кайрып келем, анткени аларга Менин боорум ооруду, алар Мен аларды эч качан таштабагандай болушат, анткени Мен алардын Кудай-Теңиримин, ошондуктан алардын үнүн угам.

7 Эпрайым баатыр сыяктуу болот. Алардын жүрөгү шарап ичкендегидей болуп шаттыкка бөлөнөт. Алардын уулдары муну көрүп кубанышат. Алардын жүрөгү Теңир менен кубанат.

8 Мен аларга белги берип, аларды чогултам, анткени Мен аларды кун төлөп куткарып алдым. Алар мурдагыдай көп болушат.

9 Мен аларды элдердин арасына чачыратып жиберем, алыскы өлкөлөрдө алар Мени эстешет, өз балдары менен бирге жашашат, анан кайрылып келишет.

10 Мен аларды Мисир жеринен кайрып келем, аларды Ашурдан жыйнап келем, аларды Гилат жерине жана Лебанонго алып келем, аларга жер жетпей калат.

11 Деңизге алаамат түшөт, ал деңиз толкундарын талкалайт, дарыянын бардык терең жерлери какшыйт, Ашурдун текебердиги талкаланат, Мисирдин бийлик таягы тартылып алынат.

12 Аларды Теңир менен бекемдейм, ошондо алар Анын ысымы үчүн жашашат, – дейт Теңир.

**11-БӨЛҮМ**

**Машайактын келери жана четке кагылары жөнүндө**

1 Лебанон, дарбазаларыңды ач, сенин кедр дарактарыңды от жалмасын.

2 Боздоп ыйла, кипарис, анткени кедр кулады, анткени чоң дарактар да кыйратылды. Башандын эмен дарактары, өкүргүлө, анткени чытырман токой кыйылды.

3 Койчулардын өкүрүп ыйлаганы угулуп жатат, анткени алардын жайыттары кыйратылды; жаш арстандардын ырылдаган айкырыгы угулуп жатат, анткени Иордандын даңкы талкаланды».

4 Менин Кудай-Теңирим мындай дейт: «Мууздала турган койлорду кайтар,

5 сатып алгандар аларды өлтүрүп жатышат, бирок өздөрүн айыптуубуз деп эсептешпейт, ал эми аларды саткандар: “Теңирге алкыш, мен байып калдым!” – деп жатышат. Аларды өздөрүнүн койчулары аяшпайт.

6 Анткени Мен мындан ары бул жердин тургундарына ырайым кылбайм, – дейт Теңир, – мына, Мен ал адамдардын ар бирин өз жакынынын колуна, өз падышасынын колуна салып берем, алар жерди кыйратышат, Мен ал адамдардын эч кимисин алардын колунан куткарбайм.

7 Мен мууздала турган койлорду, чыны менен эле байкуш койлорду кайтарам. Өзүмө эки таяк алам, биринчисин Ырайым, экинчисин Бирдик деп атайм, ошолор менен койлорду кайтарам.

8 Бир айда үч койчуну жок кылам. Алардын жаны Менден кандай жийиркенсе, Менин жаным да алардан ошондой жийиркенет.

9 Ошондо Мен мындай деймн: “Силерди кайтарбайм. Өлө турганы өлсүн, жоголо турганы жоголсун, ал эми калгандары биринин этин бири жесин”.

10 “Ырайым” таягымды алам да, Өзүмдүн бардык элдер менен түзгөн келишимимди бузуш үчүн, аны сындырып салам.

11 Келишим ошол күнү бузулат, ошондо Мени күтүп турган койлордун ичинен байкуштары бул Теңирдин сөзү экенин билишет.

12 Анан аларга: “Эгерде каалasaңар, Мага Менин акымды бергиле. Каалабасаңар, бербей эле койгула”, – дейм. Ошондо алар Менин акыма отуз күмүш шекел тартып беришет».

13 Анан Теңир мага мындай деди: «Аны Теңир үйүнүн казынасына ташта. Алар Мени кандай кымбат баалашты!» Мен отуз күмүш шекелди алып, Теңир үйүнө карапачы үчүн таштадым.

14 «Жүйүт менен Ысрайылдын ортосундагы бир туугандыкты бузуш үчүн, Өзүмдүн экинчи таягымды – “Бирдик” таягын сындырдым».

**Кудайдын ишенимсиз койчуларга каарданышы**

15 Анан Теңир мага мындай деди: «Акылсыз койчулардын ичинен бирөөнүн куралын ал.

16 Анткени Мен бул жерге бир койчу коём, ал өлүп бара жаткан койлор үчүн кам көрбөйт, жоголгондорун издебейт, ооругандарын айыктырбайт, соолоруна тамак бербейт, бирок семиз койлордун этин жейт, алардын туяктарын талкалайт.

17 Койлорду таштап койгон жаман койчуга кайгы! Анын колуна жана оң көзүнө каршы кылыч келсин! Анын колу шал болуп калсын, анын оң көзү таптакыр көрбөй калсын!»

**12-БӨЛҮМ**

**Иерусалимдин куткарылары жөнүндө**

1 Ысрайыл тууралуу Теңирдин пайгамбарчылык сөзү. Асманды жайган, жерди негиздеген, адамдын ичиндеги рухту жараткан Теңир мындай дейт:

2 «Мына, Мен Иерусалим курчоодо жатканда, тегеректеги бардык элдер үчүн, ошондой эле Жүйүт үчүн Иерусалимди баш айландыруучу ичимдик куюлган чөйчөк кылам.

3 Ошол күнү мындай болот: бардык уруулар үчүн Иерусалимди оор таш кылам, аны көтөргөндөрдүн бардыгы өздөрүнө зыян келтирип алышат, бирок ага каршы жер жүзүнүн бардык элдери чогулушат.

4 Ошол күнү, – дейт Теңир, – Мен бардык аттарды элиртем, алардын үстүндө отургандарды акылынан ажыратам, ал эми Жүйүткө назар салам, элдердин бардык аттарын сокур кылам.

5 Жүйүт төрөлөрү өз жүрөгүндө мындай дешет: “Менин күчүм – өздөрүнүн Кудайы, Себайот Теңир менен күчтүү болгон Иерусалим тургундары”.

6 Ошол күнү Мен Жүйүт төрөлөрүн отундардын ортосундагы алоолонуп күйгөн мештей кылам, боолордун арасында күйүп турган шаманадай кылам, алар тегеректеги бардык элдерди, оң тарапты да, сол тарапты да жок кылышат. Иерусалим эли кайрадан өз ордуна, Иерусалимге, отурукташат».

7 Дөөттүн тукуму менен Иерусалим тургундары Жүйүттүн алдында өздөрүн жогору көтөрбөш үчүн, Теңир адегенде Жүйүттүн тукумун куткарат.

8 Ошол күнү Теңир Иерусалим тургундарын коргойт, ошол күнү алардын эң алсызы Дөөттөй болот, ал эми Дөөт тукуму Кудайдай, өздөрүнүн алдындагы Теңирдин периштесиндей болот.

9 Ошол күнү мындай болот: «Мен Иерусалимге кол салган бардык элдерди жок кылам.

10 Ал эми Дөөттүн тукумуна жана Иерусалим тургундарына ырайым руху менен моюн сунуу рухун төгөм, алар өздөрү найза менен сайган Адамды көрүшөт, Аны жалгыз уулун жоктоп ыйлагандай жоктоп ыйлашат, Ал үчүн тун баласына кайгыргандай кайгырышат.

11 Ошол күнү Иерусалимде Мегидо өрөөнүндөгү Адатримон ыйындай болгон чоң ый болот.

12 Өлкө боздоп ыйлайт, ар бир уруу өзүнчө боздоп ыйлайт: Дөөт тукумунун уруусу өзүнчө, алардын аялдары өзүнчө; Натан тукумунун уруусу өзүнчө, алардын аялдары өзүнчө;

13 Леби тукумунун уруусу өзүнчө, алардын аялдары өзүнчө; Шымон уруусу өзүнчө, алардын аялдары өзүнчө;

14 калган уруулардын бардыгы, ар бир уруу өзүнчө, алардын аялдары өзүнчө боздоп ыйлашат.

**13-БӨЛҮМ**

1 Ошол күнү Дөөт тукумуна жана Иерусалим тургундарына күнөө менен ыпыластыкты жууй турган булак ачылат.

2 Ошол күнү мындай болот, – дейт Себайот Теңир, – Мен бул жерден жасалма кудайлардын ысымдарын жок кылам, алар мындан ары эскерилбейт, ошондой эле жалган пайгамбарлар менен таза эмес рухту бул жерден жок кылам.

3 Ошондо ким пайгамбарчылык кыла турган болсо, анда ага өзүнүн атасы менен энеси: “Сен жашабашың керек, анткени сен Теңирдин ысымы менен жалган сүйлөп жатасың”, – деп айтышат. Ал пайгамбарчылык кылганда, аны өзүнүн атасы менен энеси өлтүрүп салат.

4 Ошол күнү мындай болот: пайгамбарлар уят болушат, пайгамбарчылык кылып жатканда, ар бири өзү көргөн көрүнүшү үчүн уят болот, ошондон кийин алар алдаш үчүн кийген өздөрүнүн кыл чапанын кийбей калышат.

5 Алардын ар бири: “Мен пайгамбар эмесмин, дыйканмын, анткени мени бала чагымда эле бир адам кул кылып алган”, – дейт.

6 Андан: “Эки колуңдун ортосундагы эмнеден болгон жарааттар?” – деп сурашат. Ошондо Ал: “Мени сүйгөндөрдүн үйүндө Мени сабашты”, – деп жооп берет.

**Улуу Кайтаруучунун өлүмү**

7 Оо кылыч! Менин койчума каршы, Менин жакыныма каршы көтөрүл! – дейт Себайот Теңир, – койчуну өлтүр, ошондо койлор туш-тушка чачырайт! Мен колумду кичинелерге каршы бурам.

8 Бүт жер жүзүндө мындай болот: жер үстүндө жашагандардын үчтөн эки бөлүгү жок кылынат, ал эми үчтөн бир бөлүгү аман калат, – дейт Теңир.

9 Бул үчтөн бир бөлүктү отко салып, күмүштү эриткендей эритем, алтынды тазалагандай тазалайм. Алар Менин ысымымды чакырышат, Мен аларга жооп берем, “Бул Менин элим!” – деп айтам. Алар болсо: “Теңир менин Кудайым!” – дешет.

**14-БӨЛҮМ**

**Теңир күнү**

1 Мына, Теңирдин күнү келе жатат, сенден талап-тоноп алышкан олжону сенин ичиңде өз ара бөлүп алышат.

2 Бардык элдерди Иерусалимге каршы согушка топтойм, шаар каратылып алынат, үйлөр таланып-тонолот, аялдардын абийири булганат, шаардын жарымы туткунга кетет, ал эми шаарда калган эл жок кылынбайт.

3 Ошондо Теңир куралданып чыгып, согуш күнүндө кандай салгылашса, бул элдер менен ошондой салгылашат.

**Теңирдин келиши жөнүндө**

4 Ошол күнү Теңирдин буттары Иерусалимдин чыгыш жагында жаткан Зайтун тоосунун үстүндө турат. Ошондо Зайтун тоосу чыгыштан батышты көздөй экиге бөлүнөт, өтө чоң өрөөн пайда болот, тоонун жарымы түндүккө, жарымы түштүккө кетет.

5 Ошондо силер Менин тоолуу өрөөнүм менен качасыңар, анткени тоолуу өрөөн Атсалга чейин созулат. Жүйүт падышасы Узиянын убагында болгон жер титирөөдөн качкандай качасыңар. Менин Кудай-Теңирим келет, Аны менен кошо бардык ыйыктар келишет.

6 Ошол күнү мындай болот: жарык болбойт, күн, ай, жылдыздар жок болот.

7 Ошол күн Теңир гана билген күн болот: күн да, түн да болбойт, кечкурун гана жарык пайда болот.

**Теңирдин бүт жер жүзүнө падыша болушу**

8 Ошол күнү мындай болот: Иерусалимден тирүү суулар агып чыгат, алардын жарымы чыгыш деңизине, жарымы батыш деңизине агат: жайында да, кышында да ушундай болот.

9 Теңир бүт жер жүзүнө Падыша болот. Ошол күнү жалгыз Теңир болот, Анын ысымы да бирөө болот.

10 Бул жер Гибондон Ремонго чейин, Иерусалимден түштүккө карай бүт бойдон түздүк болот. Иерусалим бийик жерде, өз ордунда турат жана ага Бенжемин дарбазасынан биринчи дарбазага чейин, бурчтагы дарбазага чейин, ошондой эле Кананел мунарасынан падышанын жүзүм сыккан барасына чейин эл отурукташат.

11 Анын ичинде жашашат, ошондон кийин каргыш деген болбойт. Иерусалим коопсуз жашайт.

12 Иерусалимге каршы согушкан бардык элдерди Теңир мындай кылып жазалайт: буту менен басып эле жүргөн адамдын денеси чирийт, көздөрү көзүнүн чанагында турганда эле агып калат, оозундагы тили кургап калат.

13 Ошол күнү мындай болот: алардын арасына Теңир чоң дүрбөлөң түшүрөт, ошондо биринин колун бири кармайт, ар ким өз жакынына кол көтөрөт.

14 Жүйүт өзү да Иерусалимде салгылашат, тегеректеги бардык элдердин байлыгы: алтын, күмүш жана сан жеткис кийим жыйналат.

15 Аттар да, жылкылар да, качырлар да, төөлөр да, эшектер да, алардын кошуундарындагы бардык мал кырылат.

16 Ошондон кийин Иерусалимге каршы салгылашыш үчүн келген бардык элдердин ичинен тирүү калгандары Себайот Теңир Падышага табыныш үчүн жана Алачык майрамын майрамдаш үчүн жыл сайын келип турушат.

17 Ошондо мындай болот: эгерде жер үстүндөгү уруулардын кайсынысы Себайот Теңир Падышага табыныш үчүн келбесе, анда анын жерине жамгыр жаабайт.

18 Эгерде Мисир уруусу жолго чыкпаса жана келбесе, анда ага да жамгыр жаабайт, Алачык майрамын майрамдоого келбеген урууларды Теңир кандай жазаласа, аларды да ошондой жазалайт.

19 Алачык майрамын майрамдоого келбеген Мисирдин жана бардык элдердин жазасы ушундай болот!

20 Ошол убакта, атүгүл, ат жабдыктарына да “Теңирге арналган ыйык нерсе” деген жазуулар жазылат, Теңир үйүндөгү казандар курмандык чалынуучу жайда колдонулуучу чаралардай болот.

21 Иерусалим менен Жүйүттөгү бардык казандар Себайот Теңирге арналган ыйык нерсе болот, курмандык алып келгендер ал казандарды алып, курмандыктарын бышырышат. Ошол күнү Себайот Теңирдин үйүндө бир да канаандык болбойт».

## 1-БӨЛҮМ

1 Теңирдин Малахия аркылуу Ысрайылга айткан пайгамбарчылык сөзү.

2 "Мен силерди сүйдүм, - дейт Теңир, -силер болсо: "Сен бизге болгон сүйүүңдү эмне менен көрсөттүң?" - деп айтып жатасыңар. Эйсап Жакыптын бир тууганы эмеспи? - дейт Теңир. - Бирок Мен Жакыпты сүйдүм.

3 Эйсапты болсо жек көрдүм, анын тоолорун чөлгө айланттым, ал ээлеген жерлерди чөлдүн чөөлөрүнө бердим.

4 "Эгерде Эдом: "Биз кыйрадык, бирок кайрылып келип, кыйраганды калыбына келтиребиз", - десе, анда Себайот Теңир мындай дейт: "Алар курушат, Мен кыйратам. Алардын жерин мыйзамсыздардын жери деп, ал эми элин түбөлүккө Теңирдин каарына калган эл деп аташат".

5 Муну силер өз көзүңөр менен көрүп: "Теңир Ысрайыл жеринен сырткаркы жерлерде даңкталды!" - дейсиңер.

6 Уул өз атасын, кул өз кожоюнун урматтайт. Менин ысымымды булгаган ыйык кызмат кылуучулар, эгерде Мен ата болсом, анда кана Мени сыйлаганыңар? Эгерде Мен Теңир болсом, анда кана Менин алдымда коркуп турганыңар? -дейт Себайот Теңир силерге. Силер болсо: "Биз Сенин ысымыңды эмне кылып булгап жатабыз?" - дейсиңер.

7 Силер Менин курмандык чалынуучу жайыма таза эмес нанды алып келесиңер да, анан: "Биз Сенин ысымыңды эмне кылып булгап жатабыз?'' - дейсиңер. "Теңирдин дасторкону сыйга татыктуу эмес", - дегениңер менен булгап жатасыңар.

8 Курмандыкка сокур малды чалып жатасыңар, ушунуңар жакшыбы? Же болбосо аксаган, оорулуу малды чалып жатасыңар, ушунуңар жакшыбы? Ошону өзүңдүн төрөңө тартуу кылып көрчү! Ал сага ыраазы болор бекен? Сени жакшы кабыл алар бекен? - дейт Себайот Теңир.

9 Ошондуктан Кудайга сыйынгыла, Ал бизге ырайым кылсын. Бирок силердин колуңардан ушундай нерсе чыгып жатканда, Ал силерди ырайымдуулук менен кабыл ала алабы? - дейт Себайот Теңир.

10 Менин курмандык чалынуучу жайымда отту бекер эле күйгүзбөш үчүн, силердин араңардан кимдир бирөө эшикти кулпулап койсо жакшы болмок. Мен силерге ыраазы эмесмин, - дейт Себайот Теңир, - силердин колуңардан чыккан тартуулар Мага жакпайт.

11 Анткени чыгыштан батышка чейин Менин ысымым элдер арасында улуу болот, бардык жерде Менин ысымыма жыпар жыттуу зат түтөтүшөт, таза курмандык чалышат. Анткени Менин ысымым элдер арасында улуу болот, - дейт Себайот Теңир.

12 Силер болсо аны "Теңирдин дасторкону сыйга татыктуу эмес, анын үстүндөгү жемиш - эч нерсеге арзыбаган тамак" дегениңер менен булгап жатасыңар.

13 "Канча мээнет кетти!" дейсиңер, аны барктабайсыңар, - дейт Себайот Теңир, -уурдалган, аксаган, оорулуу малды курмандыкка чалып жатасыңар, ошондой эле сапаттагы нан курмандыгын тартуулап жатасыңар. Мен буларды силердин колуңардан ыраазычылык менен кабыл ала аламбы? - дейт Теңир.

14 Убада берип коюп, короосунда кемчиликсиз эркек малы бар болсо да, Теңирге арнап курмандыкка майып малды чалган алдамчыга каргыш! Анткени Мен улуу Падышамын, Менин ысымым элдер арасында коркунучтуу.

## 2-БӨЛҮМ

1 Ошондуктан бул осуят силер үчүн, ыйык кызмат кылуучулар:

2 Эгерде силер тил албасаңар. Менин ысымымды даңктоону жүрөгүңөргө кабыл албасаңар, - дейт Себайот Теңир, -анда Мен силерге каргыш жиберем, силердин батаңарды каргышка айландырам. азыр эле каргай баштадым, анткени силер буга жүрөгүңөрдү бургуңар келбей жатат.

3 Мына, Мен силердин тукумуңарды каргайм, бетиңерге кык чачам, бетиңерге майрамдарда чалган курмандыктарыңардын кыгын чачам, силерди ошолор менен кошо ыргытышат.

4 Мен бул осуятты силерге Өзүмдүн Леби менен түзгөн келишимимди сакташ үчүн бергенимди ошондо билесиңер, - дейт Себайот Теңир.

5 Менин аны менен түзгөн келишимим өмүр жана тынчтык келишими эле. Мен аны ага Менден коркуп жүрсүн деп бергем. Ал Менден коркчу. Менин ысымымдын алдында титиреп турчу.

6 Чындыктын мыйзамы анын оозунда эле, анын тилинде жалганчылык болгон эмес. Ал Мени менен тынчтык жана чындык жолунда жүрдү, көп адамдарды күнөөдөн бурду.

7 Анткени ыйык кызмат кылуучунун оозу билимди сакташ керек, мыйзамды анын оозунан издешет, анткени ал - Себайот Теңирдин кабарчысы.

8 Бирок силер жолдон чыгып кеттиңер, мыйзамды үйрөтүүдө көп адамдарды адаштырдыңар. Леби менен түзүлгөн келишимди буздуңар. - дейт Себайот Теңир.

9 Ошондуктан Мен да силерди бардык элдердин алдында жек көрүндү, кемсинтилген эл кылам, анткени силер Менин жолдорумду сактабай жатасыңар, мыйзам иштеринде бет

карамалык кылып жатасыңар".

10 Бардыгыбыздын Атабыз бир эмеспи? Бардыгыбызды бир эле Кудай жараткан эмеспи? Анда эмне үчүн ата-бабаларыбыздын келишимин бузуп, бири-бирибизге ишенимсиз болуп жатабыз?

11 Жүйүт ишенимсиздик кылып жатат, Ысрайыл менен Иерусалимде жийиркеничтүү иштер болуп жатат. Анткени Жүйүт өзү сүйгөн ыйык мыйзамды - Теңирдин мыйзамын бузду, чоочун кудайдын кызына үйлөндү.

12 Жакыптын чатырларынан ушундай кылган адамды, ал сакчы болобу, жооп берүүчү адам болобу, Себайот Теңирге курмандык чалуучу адам болобу, Теңир жок кылат.

13 Силер муну да кылып жатасыңар: Теңирдин курмандык чалынуучу жайына ый жана зар-муң менен көз жаш төгүп жатасыңар, бирок Ал мындан ары тартууңарды карабайт, силердин колуңардан курмандыктарды кабыл албайт.

14 Силер: "Эмне үчүн?" - деп сурап жатасыңар. Анткени жаш чагыңда алган аялын экөөңөрдүн ортоңордо Теңир күбө болгон, ал сенин өмүрлүк жолдошуң жана никелүү аялың болгонуна карабастан, сен ага ишенимсиздик кылдың.

15 Бирок ичинде өзгөчө руху бар бир адам ушундай кылган эмес беле? Ал адам эмне кылды эле? Ал Кудайдан тукум алууну каалаган. Ошондуктан рухуңарды сактагыла, эч кимиңер жаш чагыңарда алган аялыңарга ишенимсиздик кылбагыла.

16 "Ким аны жек көрүп, кетирип жиберсе, - дейт Ысрайылдын Кудай-Теңири. - ал өзүнүн кийимин булгайт, - дейт Себайот Теңир. Ошондуктан өз рухуңарды сактагыла жана ишенимсиздик кылбагыла.

17 Силер Теңирди сөзүңөр менен каардантып жатасыңар да, анан: "Биз Аны эмне кылып каардантып жатабыз?" - дейсиңер. Силер Аны "Мыйзамсыздык кылган ар бир адам Теңирдин көз алдында жакшы, Ага ушундайлар жагат", же болбосо "Акыйкат Кудай кана?" дегениңер менен каардантып жатасыңар.

## 3-БӨЛҮМ

1 Мына, Мен Өзүмдүн периштемди жиберип жатам, ал Менин алдымда жол даярдап коет, силер издеп жаткан Теңир Өз ийбадатканасына күтүлбөгөн жерден келет, силеркаалаган келишим периштеси келет. Мына, Ал келе жатат, - дейт Себайот Теңир.

2 Ал келген күнү ким чыдай алат? Ал келгенде, ким туруштук бере алат? Анткени Ал эритүүчү оттой, тазалоочу шакардай.

3 Ал күмүштү кайрадан эритип тазалоо үчүн отурат, Леби уулдарын тазалайт, алтын менен

күмүштү эриткендей. аларды кайрадан эритет, ошондо алар Теңирге адилдик менен курмандык чалышат.

4 Ошондо Жүйүт менен Иерусалимдин курмандыгы Теңирге байыркы күндөрдөгүдөй, мурунку жылдардагыдай жагымдуу болот.

5 Мен силерге жазалаш үчүн келем, сыйкырчылардын, ойноштук кылгандардын, калп каргангандардын, жалчылардын акысын бербегендердин, жетим менен жесирге кысым көрсөткөндөрдүн, келгинге туура эмес мамиле кылгандардын тез ашкерелөөчүсү болом. Алар Менден коркушпайт, -дейт Себайот Теңир.

6 Анткени Мен Теңирмин. Мен өзгөрбөйм. Ошондуктан силер, Жакып уулдары, тукум курут болгон жоксуңар.

7 Силер ата-бабаларыңардын күндөрүнөн бери Менин мыйзамдарымдан баш тартып, аларды аткарбай келе жатасыңар. Мага кайрылып келгиле, ошондо Мен да силерге кайрылып келем, - дейт Себайот Теңир. Силер: "Эмне кылып кайрылып келебиз?" - дейсиңер.

8 Адамга Кудайдыкын уурдаганга болобу? Силер Меникин уурдап жатасыңар. "Биз Сеникин эмне кылып уурдап жатабыз?" - дейсиңер. Ондук бербей, тартуу алып келбей уурдап жатасыңар.

9 Силер катуу каргышка калдыңар, анткени силер, бүт эл, Меникин уурдап жатасыңар.

10 Менин үйүмдө тамак болуш үчүн, ондуктардын баарын казына үйүнө алып келгиле. Мени ушул аркылуу сынап көргүлө, - дейт Себайот Теңир. - силер үчүн Мен асман терезелерин ачпайт бекем? Силерге батамды ашыгы менен төкпөйт бекем?

11 Силер үчүн Мен бардыгын жалмоочуларга тыюу салам, ошондо алар силердин түшүмүңөрдү кыйратпайт, талаадагы жүзүм сабагыңар өз жемишинен ажырабайт, - дейт Себайот Теңир.

12 Бардык элдер силерди бактылуу деп айтышат, анткени силер суктанарлык өлкө болосуңар, - дейт Себайот Теңир.

13 Силер Мага каршы тайманбай сүйлөп жатасыңар, дейт Теңир. Силер: "Биз Сага каршы эмнени сүйлөп жатабыз?" - дейсиңер.

14 Силер: "Кудайга кызмат кылуу - курулай убаракерчилик. Анын буйруктарын сактап жүргөнүбүздөн. Себайот Теңирдин алдында кайгырып жүргөнүбүздөн кандай пайда болду?

15 Азыр биз текеберлерди бактылуу деп эсептейбиз: мыйзамсыз иштерди кылгандар жашоосунда ийгиликке жетип жатышат. Алар Кудайды сынашса да, аман калып жатышат". -

деп жатасыңар.

16 Бирок Кудайдан корккондор бири-бирине: "Теңир кулак салып жатат. Ал угуп жатат. Теңирден коркуп. Анын ысымын урматтагандар тууралуу Анын алдында эстелик китеп жазылып жатат", - дешет.

17 Алар Меники болот, - дейт Себайот Теңир. - Мен белгилеген күнү алар Менин менчигим болушат, адам өзүнө кызмат кылган уулуна кандай ырайым кылса, Мен да аларга ошондой ырайым кылам.

18 Ошондо адил адам менен мыйзамсыз адамдын. Кудайга кызмат кылган адам менен кызмат кылбаган адамдын ортосундагы айырманы кайрадан көрөсүңөр.

## 4-БӨЛҮМ

1 Анткени мына, мештей алоолонгон күн келе жатат. Ошондо бардык текеберлер менен мыйзамсыз иш кылгандар саман сыяктуу болушат, аларды келе жаткан күн өрттөп кетет, - дейт Себайот Теңир. - алардын тамырын да. бутагын да калтырбайт.

2 Силер үчүн болсо, Менин ысымымдын алдында коркуп тургандар, чындыктын Күнү чыгат. Анын нурларында айыгуу бар, силер чыгып, семиз букачарлардай оюн саласыңар.

3 Мыйзамсыздарды тебелеп-тепсейсиңер, анткени алар Мен белгилеген ошол күнүсилердин бугуңардын астында топурак болуп калышат. - дейт Себайот Теңир.

4 Менин кулум Мусанын мыйзамын унутпагыла. Мен ага ал мыйзамды, ошондой эле буйруктар менен көрсөтмөлөрдү Хореп тоосунда бүт Ысрайыл үчүн бергем.

5 Теңирдин улуу жана коркунучтуу күнү келер алдында, Мен силерге Илияс пайгамбарды жиберем.

6 Мен келип, жер жүзүн каргыш менен жок кылбашым үчүн, ал аталарынын жүрөгүн уулдарына, уулдарынын жүрөгүн агаларына бурат".